





Ушул жашоо учуруна кайдан келгенибизди,
Бул доорго кантип жеткенибизди,
Миңдеген жылдар биздин жан дүйнөбүздөгү рухий баалуулуктардын пайда болушуна мүмкүнчүлүк берген
жашоо маданиятыбыздын нуруна бизди ким жеткиргенин эч качан эсиңизден чыгарбаңыз.

Серхат Акпынар,
Гирне америка университетинин төрагасы

Şu anki yaşam anına nereden geldiğimizi,
Bu sürece nasıl vardığımızı
Binlerce yıldır bizlerin içindeki değer oluşumlarına imkan veren yaşam kültürünün ışığına bizi kimin ulaştırdığını hiçbir zaman aklınızdan çıkarmayın.

Serhat Akpınar,
Girne Amerika Üniversitesi Başkanı

Never forget
From where you have reached the present moment of life,
How you have encountered this process,
Who has helped us reach the light of cultural life which has for Thousands of years been providing our inner values with Opportunites.

Serhat Akpinar,
GAU Chancellor

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институту
Гирне америка университети
Түрк изилдөө жана таанытуу борбору

Жээмбай Мукамбаев

Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү

"Сөздүктө" 32 000ге жакын сөз камтылган

Басмага даярдаган жана жалпы редакциясын
жасаган Проф. Др. Кадыралы Конкобаев

Бишкек - 2009

Kırgız Cumhuriyeti Milli Bilimler Akademisi
Cengiz Aytmatov Dil ve Edebiyat Enstitüsü
Girne Amerikan Üniversitesi
Türk Araştırma ve Tanıtım Merkezi

Ceembay Mukambaev

Kırgız Dilinin Dialektoloji Sözlüğü

Yaklaşık 32 000 kelime

Yayına hazırlayan ve genel redaksiyonunu yapan
Prof. Dr. Kadıralı Konkobaev

Bişkek - 2009

Национальная академия наук Кыргызской Республики
Институт языка и литературы им. Чингиза Айтматова
Американский университет Гирне
Центр тюркологических исследований и информации

Жээмбай Мукамбаев

Диалектологический словарь кыргызского языка

Словарь содержит около 32 000 слов

Подготовка к изданию и общая редакция
Проф. Др. Кадыралы Конкобаева

Бишкек - 2009

National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic
Institute of Language and Literature
under the name of Chyngyz Aytmatov
Girne American University
Turkish Research and Publicity Centre

Jeembay Mukambaev

Dialectologic Dictionary of Kyrgyz Language

Dictionary consist approximately 32 000 words.

Prepared to issue and edited
by Prof. Kadyraly Konkobaev

Bishkek - 2009

Гирне америка университети
Түрк изилдөө жана таанытуу борбору

Түркологиянын бул маанилүү эмгеги 40 жылдан бери басууга мүмкүнчүлүк болбогондуктан жарыкка чыкпай жаткан. Акыркы бир жыл ичинде Гирне америка университетинин төрагасы Серхат Акпынар мырзанын колдоосу аркасында Түрк дүйнөсүнө жана Түркология илимине тартууланып отурат.

Бул баалуу түркологиялык эмгектин басууга даярдалышын жана басылышын колдогон Гирне америка университетинин төрагасы Серхат Акпынар мырзага жана маркум профессор Жээмбай Мукамбаевдин үй-бүлөсүнө терең ыраазылык билдиремин.

Кадыралы Конкобаев

Girne Amerikan Ünıversitesi
Türk Araştırma ve Tanıtım Merkezi Yayınları

Türkolojinin bu önemli eseri 40 yıllık zaman dilimi içerisinde imkansızlıklar sebebi ile basılamamıştır. Son bir yılda Girne Amerikan Üniversitesi Başkanı Sayın Serhat Akpınar Bey'in başkanlığında bu sözlük Türk dünyasına ve Türkoloji'ye kazandırılmıştır.

Bu büyük Türkoloji eserinin hazırlanması ve yayınlanmasını sağlayan Girne Amerikan Üniversitesi Sayın Başkanı Serhat Akpınar Bey'e ve merhum Prof. Dr. Ceembay Mukambaev'in ailesine teşekkür borçluyuz.

Kadirali Konkobaev

Girne American University
Turkish Research and Publicity Centre

This important* publication of Turkology has not been published for the last 40 years due to lack of resources. This dictionary has been made available for use within the Turkic World and the field of Turkology by the initative of GAU Chancellor Serhat Akpınar.

We owe gratitude to Chancellor Mr Serhat Akpınar and the family of the deceased Prof. Dr. Ceembay Mukambaev who ensured the preparation and publication of this great dictionary source.

Kadyraly Konkobaev

УДК 811.52
ББК 81. 2-4
К 97

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңешинин 2009-жылдын 9-февралындагы № 2-токтомунун негизинде басууга сунуш кылынды
Гирне америка университетинин сенатынын 2009-жылдын 18-майындагы № 18.05.09/1 чечимине ылайык каржыланды жана басылды.
Басылыш серия № 014

"Кыргыз тилинин диалектология сөздүгүнүн" басылыш укуктары Гирне америка университетине таандык.
Kırgız Dilinin Ağızlar Sözlüğü'nün tüm yayın hakları GAÜ'ye aittir.
All rights of this Kırgız Dialect Dictionary are reserved by Girne American University

Рецензенттер: Проф. Др. Ахмет Бижан Эржиласун (Анкара, Түркия)
Проф. Др. Ерден Кажыбек (Алматы, Казакстан)

К 97 **Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү:** 32 000ге жакын сөз /түз. Ж.Мукамбаев; Басмага даярдаган ж-а жалпы ред. жасаган К.Конкобаев. – Б., 2009. – 1379 б.

ISBN 978-9967-12-079-2

Кыргыз тил илиминин жана лексикографиясынын тарыхында алгачкы ирет толук түрүндө жарыяланып жаткан бул эмгек кыргыз элдик оозеки тилинин бай тилдик каражаттарын камтыйт. Миңдеген жылдар калыптанган кыргыз элдик оозеки тили – кыргыз элинин бүткүл жашоо тарыхын, таанып билүүсүн чагылдырган анын күзгүсү болуп саналат. "Сөздүктө" кыргыз сөзү сүйлөнгөн ааламдын ар кайсы аймагында, бирок өздөрүнүн ата-журттарында жашаган кыргыздардын тилдик казынасы топтолгон. "Сөздүктөн" кыргыздын кимдиги, анын улуттук жүзү, элдик наркы, ар-намысы табылат. Булардын бардыгы кыргыздын сөзүндө сакталган. Демек, маркум профессор Жээмбай Мукамбаевдин кыргыз илимине арнаган 40-45 жылдык өмүрү – элине, ата-журтуна кызмат кылуунун үлгүсү! Журт кыйырында элин коргогон эр, алп, акылмандын эрдигине тете баатырлык!

"Сөздүктө" 32 000 миңге жакын сөз туюндурган кыргыздын философиясы, булардын маанисин ачууда кыргыз колдонгон жүздөгөн макал, лакап, учкул сөздөр, сөз тизмектери, айкаштары, нарк-насил кептери, этнографиялык түшүнүктөрүн билдирген терминдери жана башка миңдеген маалыматтар камтылган.

"Сөздүк" эң биринчи иретте кыргыз калкынын калың катмарына арналат. Кыргыз лексикографиясындагы бул бараандуу эмгектен түрколог окумуштуулар, кыргыз таануучулар, кыргыз тилчи-изилдөөчүлөр, магистранттар, аспиранттар, окутуучулар, мугалимдер, журналисттер, маданият жана басма кызматкерлери, жалпы ынтызар жаштар, эл башкаруучулар, студенттер, окуучулар ж.б. жалпы журт пайдалана алат.

К 4602030000-09

ISBN 978-9967-12-079-2

УДК 811.51
ББК 81. 2-4

© **түзгөн Ж. Мукамбаев**
© **Girne American University**
Turkish Research and Publicity Centre

Мазмуну

Редактордон 10
К.К.Юдахиндин баш сөзү 14
Ж.Мукамбаевдин баш сөзү 18
Биринчи басылышындагы кыскартуу, тиркемелер 40
Ж.Мукамбаевдин экинчи басылышына жазган баш сөзү 44
Экинчи басылышындагы кыскартуу, тиркемелер 64
ЭСКЕРТҮҮЛӨР 67
А 70
Ә 152
Б 172
В 278
Г 280
Д 316
Ж 354
К 421
Л 605
М 613
Н 659
О 681
Ө 707
П 719
Р 767
С 770
Т 844
У 961
Ү 977
Ф 990
Х 991
Ц 1001
Ч 1007
Ш 1106
Ы 1148
Э 1162
Кошумча том 1180
Сүрөттөр жана каттар 1362

Редактордон

Кыргыз сөзүнүн катка жазылыш тарыхы тээ 7 – 12 – [1] кылымдарга барып такалат. Бүгүнкү түркология илиминде түрк элдери жазган байыркы түрк жазууларынын жалпы саны 570тен ашты. Ошолордун 400дөн ашыгыраагы илимде Түрктөрдүн Енисей жазуусу, Түрктөрдүн Енисей жазуу эстеликтери деген ат менен таанылып жана колдонулуп келе жатат. Албетте, мындай аталыш туура жана бул эстеликтердин жалпы түрк элдерине таандык экендиги талашсыз. Бирок, ошондой болсо дагы бүгүнкү түркология илиминин өнүгүш деңгээли байыркы түрк жазуу эстеликтеринин негизги жаратуучулары катары байыркы огуздар, уйгурлар жана байыркы кыргыздар деп таануура бир топ тарыхый жана лингвистикалык далил – жүйөлөрдүн бар экендигин айтууга болот. Байыркы Көк түрк каганаты менен Уйгур каганаты Орхон жазуусунун жаралуусунун, ал эми Байыркы кыргыз каганаты Енисей жазуусунун пайда болушунун себепкерлери болгон. Бүгүнкү күнү Енисей жазуу эстеликтеринде кыргыздын 400дөн ашык сөзү катталган.

Тарыхта изи калган орчундуу маданияттын жаратуучусу күчтүү мамлекет болгондугун ар ким моюндайт.

Бул жагдайда айтыла турган орчундуу ойлорубузду учуру келгенде ортого салаарбыз деген үмүттөмүн. Кыргыздын сөзү мындан кийин тарыхта Кашкарлы Махмут тарабынан анын кадимки "Түрк тилдеринин сөздүгүндө" жазылды. Бул 1076 – 1078 – жылдарда болгон. Булардан кийин кыргыз сөздөрү узак кылымдар бою катка түшпөй калган. 20 – кылымда бул иштер атайын сөздүктөрдө жазылып, каттала баштады.

Булардын катарына академик К.К.Юдахиндин "Кыргызча – орусча сөздүгүн", "Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүн" (бир томдук, 1969), К.Карасаевдин "Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгүн" (бир нече чыгарылышы), "Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүн", 2 томдук " (1 – тому 1984 – жылы басылган, 2 – тому бүгүнкү күнгө чейин басылбай келе жатат), К.Сейдакматовдун "Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгүн", "Кыргыз тилинин омонимдер сөздүгүн", "Кыргыз тилинин антонимдер сөздүгүн", "Кыргыз тилинин синонимдер сөздүгүн", "Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгүн" (бул сөздүктөрдүн түзүүчүлөрү: Ж.Осмонова, К.Сейдакматов, Ш.Жапаров, К.Конкобаев) кошууга болот.

Кыргыз лексикографиясы совет доорунда жакшы чыйырга түшүп, түркологияда жогорку деңгээлде таанылган абалга жеткен. Кыргыз лексикографиясынын жетишкендиктери алгач академик К.К.Юдахиндин ысымы менен байланыштуу болсо, кийин кыргыздын лексикография тармагында Жапар Шүкүров баштаган, андан соң бул кишинин жолун Эсенкул Абдулдаев, Дөөлөтша Исаев жана бир топ кыргыз тилчилери татыктуу улантышкан.

Ал эми кыргыз терминология сөздүктөрүнүн сериясын академик Б.Ө.Орузбаева баштаган топ жүзөгө ашыра алды.

---

[1] "Сөздүктү" басмага даярдоодо техникалык себептерге байланыштуу дефис белгиси сызыкча болуп калгандыгын окурмандардын эске алуусун өтүнөбүз.

Бүгүнкү күндө кыргыз лексикографиясындагы жетишилген жогорку деңгээл өз өнүгүшүнүн бир кризис учурун жашап жатат десек болот. Кыргызстан эркин мамлекет болгондон берки мезгил ичинде Кыргыз – Түрк "Манас" университети басып чыгарган "Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгүнөн" кийинки бул багыттагы лексикографиялык эмгек колунуздагы маркум профессор Жээмбай Мукамбаев тарабынан даярдалган "Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү" болуп отурат.

"Сөздүк" академик К.К.Юдахиндин жана Жээмбай Мукамбаевдин жазгандарына таянып айтсак, 1950 – жылдардын башында колго алынып, 1970 – жылдардын башында бүткөнү менен ал кишинин 1989 – жылы көзү өткөнгө чейин улангандыгынын далилдери бар. Жээмбай Мукамбаевдин 40 – 45 жылдай өмүрү ушул сөздүктү даярдоого кеткен.

Профессор Жээмбай Мукамбаев "Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгүн" 1972 – жылы "**А – Ж**" тамгалары камтылган I томун Терминология комиссиясынын (Ошол кездеги Терминком жетекчиси академик Б.Ө.Орузбаева) демилгеси менен басылган. "Сөздүктүн" редактору академик К.К.Юдахин болгон. 1976 – жылы басылып чыккан том (редакторлору К.К.Юдахин жана Т.К.Ахматов болгон) боюнча негизинен авторго, анын эл ичинен жазып алган тексттерди "Сөздүктө" колдонгонунан идеологиялык каталарды тапкан, каршы пикирлерге толгон бир нече мекеме, уюмдардагы, ал турсун, ошол кездеги Кыргызстан Коммунистик партиясынын БКнын бюросуна чейин сынга тушукканы белгилүү. Жээмбай Мукамбаевдин байбичеси Мадина эженин айтымына караганда, ошол бюродо Т.Усубалиев колдобогон болсо, балким авторду башка да оор күнөөлөргө кириптер кылышмакчы экен. "Сөздүктөн" жумурткадан кыр издегендей эле ката, кемчиликтерди табышып, өмүр бою иштеген азыркы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин Кыргыз тили кафедрасынан куугунтукталган, өмүрүнүн акырында азыркы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде баш калкалаган. Жээмбай Мукамбаевдин көзү өткөндө араң эле 59 жашта эле. Талыкпай кыргызды кыдыргандан ырахаттанып, чыгармачылыгына маашырланган окумуштуунун жүрөгү орунсуз сындарга, адилетсиздикке чыдай алган эмес. Мына ушундай жагдайларда автор "Сөздүгүнүн" I томунун "**А – Й**" тамгаларын камтыган, ондолгон, толукталган 2 – басылышын ошол эле Терминологиялык комиссиядан кайра чыгарат.

Бул жөнүндө "Сөздүктүн" 2 – басылышына атайы жазган автордун баш сөзүнөн ("Сөздүккө" жазылган эки баш сөздү тең ушул китептен окусаңыз болот) таанышууга болот. Автор ушул жазган баш сөзүндө күнөөсүз күнөөлүү болгон. Аргасыздан баш калка издегени сокурга деле байкалып турат. Улуу окумуштуу байкуштун кейпин кийген. Жанын, идеяларын, окумуштуулугун, "Сөздүгүн" коргоо үчүн К.Маркс, Ф.Энгельс, В.И.Ленинден, совет доорундагы орус окумуштууларынын эмгектеринен баш калка издеген.

Ошондуктан, ушулар байкалсын деген максатта автордун 2 – басылышына жазган баш сөзүн китепке коштум.

Ишенип турсаң да, чындык үчүн жан соога дебеске чарасыз, аргасыз болгон ошол учурду ойлоно жүрүш, кыргыздын улуттук кимдигин намыс, туу тутуу керектигин кыргыз баласы дайыма эстеп жүргөнү бүгүнкү күндүн, мезгилдин зарылдыгы экендиги байкалат.

Ошентип, Жээмбай Мукамбаевдин "Сөздүгүнүн" 1 – тому 1972 – жылы 1000, 1976 – жылы 500 даана басылган.

Бирок, айрым кыргыз окумуштуулары, өзгөчө чет элдик түрколог – окумуштуулар Жээмбай Мукамбаевдин жарыяланган "Сөздүгүнүн" 1 – томун абдан кубануу менен кабыл алышкан, эң жогору баалашкан. Мен ошолордун айрымдарынын аттарын атай кеткеним туура болот: Венгриядан Проф. Др. Жули Немет, АКШдан Проф. Др. Карл Менгес, Россиядан Проф. Др. С.Е.Малов, академик А.Н.Кононов, Проф. Др. Э.Р.Тенишев, Проф. Др. А.М.Щербак, Проф. Др. Э.В.Севортян, Проф. Др. К.М.Мусаев ж.б.лар.

Бүт аалам түркологиясынын мыктылары колдогон Жээмбай Мукамбаев өз журтунда көзү тирүүсүндө кордолгон десем аша чапкандык болбойт. Бирок, бардыгынын, кара менен актын таразасы мезгил жана эл!

Жээмбай Мукамбаевдин өзү жок болсо да, анын эмгеги кыргыз эли менен жашайт! Көзү өткөнүнө быйыл 20 жыл болду. Ошондон 20 жыл, "Сөздүк" даярдалгандан 50 – жылдан кийин "Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү" басылды.

Демек, "ак ийилет, бирок сынбайт" деген ушул болсо керек!

Жээмбай агайдын өмүр бою Кыргызстандын ар кандай жерлеринен, башка мамлекеттерде жашаган кыргыздардан жыйнаган материалдары анын үйүндөгү өзү түзгөн картотекасында сакталып турат. 5 папкенин ичинде 2650 беттен турган, машинкеге басылган, өзү тарабынан корректурасы окулган, текшерилген кол жазма сакталган.

Кол жазманы, картотеканы, агайдын архивин ушул күнгө чейин балапандай бапестеген Мадина эже – Жээмбай агайдын жубайы. Ушул мурастын сакталып калганы Мадина эженин эмгеги. Агайга деген урматы, "Сөздүктүн" чыкканын бир көрсөм дегенде ичкен ашын жерге коет. Мадина эжени дайыма колдогон, ардактаган агай менен эженин уулдары Нурбек менен Нурлан. Атасынын мурасын басмага даярдоого Нурлан өзгөчө колдоо көрсөттү.

Атанын баласы деген, көрсө, ушундай болот тура!

Мен бул сөздөрдү айтпасам болбойт эле. Эл билсин дедим. Талкуулардагы адилетсиз сындардан Мадина эженин жүрөгү түшүп калган. Азыр да эмне дешип жиберет деп, дирилдеп турганы турган.

Жээмбай Мукамбаевдин "Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгүн" басмага даярдоо, чыгаруу максатында 2,3 жолу аракеттер жасалды. Бирок, ар кандай жагдайларга байланыштуу "Сөздүктүн" басылышы кечээндей берди. Ар кандай сөздөр да жүрдү, чындыкка коошпогон ушактар да айтылды.

Булардын бардыгы адам пендечилигинин көнүлгө албай тургандары.

"Сөздүктүн" кыргыздын тарыхындагы, маданиятындагы, кыргыз тил илиминдеги, кыргыз сөздүкчүлүк өнөрүндөгү орду, мааниси жөнүндө көп сөз айтсак, жазсак болот. Бирок, мен аны атайы жасаган жокмун.

Алтынды мактасаң деле алтын, мактабасаң деле алтын! Тек гана "Сөздүктүн" жаралыш жана жарыяланыш тарыхынын айрым урунттуу учурларын окуучулардын эсине салууга аракет кылдым.

Канчалаган жылдар бою жүрөктө жүргөн элдик ишти аткарууга, Жээмбай агайдын "Сөздүгүн" басып чыгарууга колумдан келген эч нерсемди аяган жокмун. Эч кимге милдет да кылбаймын. Ушул эмгекти окуган кыргыз өз

журтун, өз калкын түшүнүүгө аракет кылса деген гана ниет. Башка эч нерсе жок.

Кыргызды кыргыз гана көтөрөт! Кыргызстанды кыргыз гана өркүндөтөт, абат журтка, гүл, бейкут мекенге кыргыз гана айландырат!

А Жээмбай агайдын эмгеги ар бир окуган, ойлонгон кыргызга кылымдык рух күл азыгы болооруна ишенемин!!!

"Сөздүктү" басмага даярдоодо билимин, убактысын, эмгегин аябаган окуучуларым **Айшат Ботобековага, Гүлайым Базаралиевага,** техникалык жумуштарды аткарган **Евгений Моисеевге,** мукабасын жасаган китеп сүрөтчүсү **Каныбек Өмүрбековго** жана көп жылдар бою сабырдуулук менен "Сөздүктүн" басылышын күткөн **Мадина эже** менен **Нурланга** терең ыраазычылык билдиремин!

Түндүк Кипр Түрк Республикасынын Гирне шаарында 1985 – жылдан бери жаштарга, алардын ичинде ондогон кыргыз жаштарына акысыз, же абдан жеңилдетилген шарттарда учурдун билимин англисче үйрөтүп жаткан Гирне америка университетинин төрагасы **Серхат Акпынар мырзага**, университеттин башкармалыгына жана сенат мүчөлөрүнө «Сөздүктү» чыгарууну кубатташкандыктары жана каржылагандыктары үчүн өзгөчө ыраазычылыкты чын дилимден айтамын! Дайыма бар болуңуздар!

Бул эмгектин басылышы Кыргыз тил илиминин кайра жаралуусунун башаты болсун!

Кыргыздын залкар окумуштуусу Жээмбай Мукамбаевдин арбагы ыраазы болуп, улуу кыргызды арбагы менен колдой жүрсүн!

Кадыралы Конкобаев

2009 – жылдын 24 – марты
Бишкек шаары

БАШ СӨЗ

Кыргыз диалектологу, менин окуучум, Ж. Мукамбаев жыйырма жылдан бери диалектологиялык материалдарды иретке салып келе жатат. Ал өзү жазып чогулткан жана башка диалектологдор тарабынан жарыяланган материалдардагы лексикалык бөтөнчөлүктөрдү дайыма карточкаларга түшүрүп, жыйнап жүргөндүгү мага эчактан эле белгилүү болчу. Көп жылдар бою тынбай иштегендиктин натыйжасында анын колунда ары өтө кызык, ары өтө бай материалдар топтолуп калган. Автор өзүндөгү укмуш сонун материалдардын ичинен **лексикалык бөтөнчөлүктөрдү бөлөк топтоп,** бөлөк жарыялоого көптөн бери ниеттенип жүрүчү. Автордун бул аракети мага жагып калды да, мен бул сөздүктү редакциялоого макул болдум.

Сөздүктүн көлөмү болжол менен 100 – 120 басма табак болмокчу. Анын кириш сөзүндө автор диалектилик сөздөрдү: лексикалык, фонетикалык, морфологиялык, семантикалык, фразеологиялык диалектизмдер деп, бир нече түрлөргө ажыратып, алар жөнүндө абдан кеңири, толук жана так мүнөздөмөлөрдү берет. Кириш сөздө сөздүктүн мааниси, илимий жана практикалык баасы, материалдарды чогултуунун жана кайра иштеп талдоонун методикасы жөнүндө **эң жакшы баяндоолор** берилген. Редактор катарында автордун кириш сөзүндөгү пикирлерине кошумчалай турган ой деле менде жок өндүү болуп калды. Айтарым эле бул: сөздүктөгү бай материалдар илимий жактан да, практикалык жактан да ага кызыккан бардык адамдарга, адабий тилди байытууга, окуу куралдарын жазууга, жана жада калса, окуучуларга да чоң пайдасын тийгизет.

Автор сөздүк жөнүндө: «сөздүктүн материалдары тилибиздин тарыхын изилдөгө, диалект жана говорлордун атласын түзүүгө, адабий тил менен диалектилердин ички байланышын жана өз ара таасирин айкындоого, адабий тилди лексикалык жактан байытууга, терминологиялык процессти жолго салууга карата кеңири пайдаланылат ко деген ниетибиз бар» дейт. Чыны эле ушундай эмеспи. Эми мен бага бир олуттуу кошумча сөз айткым бар: бул сөздүк башталгыч класстарда эне тилди окутуу жана окуучулар үчүн окуу китептерин түзүүдө, жогору жакта айтылгандай, чоң көмөк берери шексиз. Муну түшүндүрөйүн: бир учурда мен мектептерде болуп «Алиппе» китебине окуучулар үчүн, ал гана эмес, мугалимдер үчүн түшүнүксүз болгон диалектилик сөздөрдүн кошулуп кеткендигин байкаган элем. Сөздүк мына ошондой кокустуктардан оолак болууга себепчи болот. Окуучулардын речинде адабий тилдин нормаларын мектептин босогосун аттаган күндөн тартып жолго коё баруу зарыл. Мугалимдер окуучулардын речиндеги жергиликтүү диалектилик өзгөчөлүктөрдүн туура эмес жактарына карай ийгиликтүү күрөш жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алат.

Жазуучуларды да унутуп коюш жарабайт. Жазуучулар көп учурда диалектилик сөздөрдү өз чыгармаларында бир топ эле колдонушат. Анын жаман деле жери жок, бирок бир кемчилиги ошол диалектилик сөздөргө түшүндүрмөлөрдүн бериле бербегендигинде. Сыягы, алар өздөрү колдонгон сөздөрдүн баары эле адабий тилдин лексикасына жатат деп ойлошсо керек,

ошон үчүн алар бул же тигил сөздүн диалектилик мүнөзгө ээ экендигин байкашпайт окшойт.

Алсак: **үзөк, какшык//пысмык//качалан, шырдак//түр кийиз, жеңнил //учар, түтүк//үвүлдөк, чогуу//өргөлжө, кыргоол//тоос//товус, ыкша// мүжү, исиркек//сиркенек, жырга//кушла, көнүк//чонук, чыйрак//шагдан, мама көз//жылкычы чымчык, челек//чака, таркент//казанак, чаркап// үймөк, жонос, чук бөгүш, агыл, арда, сарала//ирге// танда, мөөн//жолу ичеги, чап//сол, чапагай//чологой, байто//байтама//чылгоо, кызыл ыштан/ /доңкулдак** деген өңдүү сөздөр эле диалектилик лексика эмне экендигин айкындап турат. Мына ушул өңдүү сөздөрдү башталгыч класстардын окуу китептерине же жазуучулардын чыгармаларында түшүндүрүүсүз колдоно берүүгө болор беле? Жок, дайыма боло бербес.

Бул сөздүктө те терендиги тилдин тарыхына, турмушка жетелеп кете турган лексикалык материалдар бар. Бир нече мисал келтирейин. Алсак: **агыл** деген сөз (**малкана, мал сарай** деген мааниде) фонетикалык жактан, башкача айтканда, **г–й** тыбышына өтүшүнөн улам азыркыча **айыл** деген түргө ээ болуп калган. Түрколог үчүн бул жаңылык эмес, бирок кыргыз тилчилери, тарыхчы жана этнографтары бул сыяктанган көрүнүштөрдү эсепке алуулары тийиш, анткени, илгерки көчмөн турмуш мал менен киндиктеш эмес беле. Мал болсо **агылда** турган. Ошондон улам малдын жайы болгон **агыл** менен **айыл** деген сөздүн ички катышы фонетикалык жактан да, семантикалык жактан да даана сезилип турат. Демек, мунун өзү – сөз тилдин тарыхынан, элдин өткөндөгү турмушунан кабар берет дегендикке жатат.

Эми **чук** деген сөздү алалы. Мунун байыркы түрү – **чуг**. Түндүк говорлордо **чуусу чубалды** деген сөз бар. Мындагы **чуу** деген сөз эмне? Ызы – чуубу? Көрсө, **чуу** деген сөз байыркы чуг дегенден экен, ал сөз **чук** түрүндө (**ороо**ч маанисинде) ичкиликтерде сакталып калган. Ал эми ал ороочто сары так болбой коёбу. Сары так чубалган ороочтон көрүнүп турса өөн эмеспи. Мына ошондон **чуусу чубалды** деген туюнтма келип чыккан.

Капал деген сөзчү? Түндүк Казакстанда Капал аттуу шаар бар. Көрсө, бул сөз **кирпич** деген мааниде ичкиликтерде сакталып калган тура. Ташкентке жакын бир кыштактын аты – **Паркент.** Албетте, бул иран сөзү (түштүк кыргыз говорлорунун айрым жеринде ал мүрзөнүн **казанагы** деген мааниде сакталып калган) кандайдыр бир ошол жер «эшен» же «касиеттүү» деп аталган адамдын көрүстөнгө коюлушуна байланыштуу сакталып калган. Баарыдан кызыгы мында: «Тажикче – орусча сөздүккө» бул сөз кирген эмес, ал эми 1970 – жылы жарыяланган «Парсы – орусча сөздүктүн» II томунда жогорку мааниге бир аз жакын болгон **суу жеп кеткен жер, арык, сай** деген түшүнүк берилген, бирок сөздүн кийинки мааниси ал жерлерде сакталган эмес да, кыргыз говорунда сакталып калган. Бул кызык эмеспи? Албетте, кызык.

Адабий тилде **ардак** деген жана андан жасалган бир топ сөздөр учурайт. Алардын түп уңгусу ичкиликтердеги **арда** (**кысыр эмди** деген мааниде) деген сөз менен байланыштуу экендигин көп эле адамдар байкоос албайт.

Мына ошентип, диалектилер менен говорлордогу өтө көп сөздөр: кийим –

кече, үй буюмдары, тамак – аш, эмгек куралдары, өсүмдүктөр, айбанаттар, жандыктар, ж.б.ларга байланыштуу лексикалык байлыктар сөздүктө мол чогултулган. Эми кеп ошолордун ичинен кайсылары мындан ары жалпы элдик кыргыз тилинин лексикасына, адабий тилдин нормасына өтүү керек экендигин чечмелөөдө турат.

Фонетикалык жактан алганда говорлордогу **ч//ц** тыбыштарынын төп келиши бир кыйла кызык. Жерге – Тал жана Баткен тараптагы «цайырцылардын» говорундагы «**ц**»чылдык **(цөп//чөп, цалгы//чалгы, көлцү//көлчү, цецек//чечек, кац//кач, кацан//качан ж.б.)** сөздөрдө регулярдуу түрдө жолугушу сөздүктөгү материалдардан даана байкалат. Айрым учурдагы **ч//ц** тыбыштарынын төп келиши Талас, Чүй боорунда, көбүнесе, аялдардын речинде жолугары байкалып калат. Албетте, бул кубулуш бизди те түпкүрдөгү тилдик кубулушка — кыпчак (куман, половецтер) тилинин өзгөчөлүктөрүнө алып барып такайт. Бул факт тилчилерди гана эмес, тарыхчыларды да ой жорутууга түрткүлөйт, анткени, алар кыргыз элинин генезисине байланышкан көрүнүш эмес бекен?!

Кээ бир говорлордогу байыркы созулмалардын (кийинки жаңы «орун баскыч» созулмалардан башка) учурашы да чоң кызыгууларды пайда кылат. Мисалы: **хаары (кары), аач (ач), аалты (алты), бөөрү (бөрү), узаак (узак), тоогуз (тогуз)** ж.б. сөздөрдүн жолугушу эмне үчүн бизди ойлонтпой койбойт? Бул өңдүү байыркы созулмалар менен "**ц**" тыбышы составында болгон сөздөр "Сөздүктө" кеңири кезигет. Бул маселелер абдан кылдат байкоолорду жана атайын изилдөөлөрдү күтөт. "Сөздүк" мындай изилдөөлөргө жетиштүү материалдарды бере алат.

Биз археологдор үчүн каналдарды казуу, суу сактагычтарды куруу эң көп материалдарды бере тургандыгын билебиз. Алсак, маркум профессор А.Н.Бернштам басма сөз жүзүндө "Чоң Чүй каналын казуу жүз жыл бою араң чогула турган материалдарды колубузга берди" деп айткан эле. Ал эми турмуш – тиричиликте, чарбачылыкта, маданий булакта, демек, тилде да чоң – кичинеси болуп жүздөгөн – жүздөгөн каналдар өтөт эмеспи. Алсак: помещик жана капиталисттердин бийлигинин ордуна эмгекчил элдердин бийлигинин келиши; жеке чарбачылыктын ордуна коллективдүү чарбачылыктын орун алышы; буурсундун ордуна трактордун келип чыгышы; эмчилик – домчулуктун ордуна медицинанын гүлдөп жатышы, жалпы сабатсыздыктан туташ маданиятка жетишип, жалпы билимге ээ болуп, илгери бийиктөө; боз үйдүн ордуна азыркы отурукташкан архитектуралык үйдө жашоо; илгерки узун кулактын ордуна радио, телефон, телевизорду урунуу өңдүү ж.б. факторлор эмне деген өзгөрүүлөрдү алып келбеди. Бул өңдүү бардык каналдардын коомго, элге тийгизген таасирлерин биз талдоого тийишпиз.

Азыркы шарттагы коомдук өзгөрүүлөр, илимий – техникалык өсүүлөр элдин турмушуна, демек, алардын тилине да эбегейсиз таасир тийгизүүдө. Турмуштук эски укладдардын жоюлуп жатышына байланыштуу тилде да, демек, анын диалектилеринде да миң – миңдеген байыркы сөздөр, туюнтмалар, учкул афоризмдер, фразеологиялык айкалыштар улам барган сайын колдонуудан чыгып бара жатат. Алардын баары изсиз жоюлуп кетсе,

кейиштүү иш болор эле. Кыргыз элинин мындан 50 – 100 жылдан мурунку өмүрүндө тилдик байлыктарынын көп жактары бизге белгисиз бойдон түпкүргө түшүп кеткени эле жетиштүү эмеспи. Бул сабак болбодубу. Эми илим үчүн, келечектеги чеберелер үчүн азыркы кезде кол жеткен, балким, өзүбүз угуп, бирок диалектилик мүнөзгө ээ болгон байлыктарды кагазга түшүрүп, мурас кылып койсок залалы болобу? Жок. Биз, тескерисинче, келечек муундар үчүн тилдик – диалектилик байлыктарды чогултуп жыйноого, жарыялоого милдеттүүбүз. Муну унутуп калуу – келечектегилер үчүн айыпка калгандык болор эле. Биз диалектилик өзгөчөлүктөрдү тез чогултуп, тез жарыялоого шашылуубуз керек. Мына бул максатты жүзөгө ашырууда доцент Ж. Мукамбаев колунан келген чоң ишти өтөдү. Анын түзгөн сөздүгү бул багыттагы олуттуу иштердин бири болуп эсептелет. Бул сөздүк кыргыз филологиясын гана байытпастан, жалпы түркологияны да байыта турган салым болуп саналат.

Мамлекеттик сыйлыктын
лауреаты, профессор К. К. Юдахин

СӨЗ БАШЫ

Профессор К. К. Юдахин мындан жыйырма жыл мурда бизге окуган лекцияларында кыргыз диалектилери жана говорлору боюнча фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик, лексикалык материалдарды топтоонун, иликтеп – изилдөөнүн, сыпаттап жазуунун кыргыз тилинин тарыхы, орфографиясы, диалектологиясы өндүү ж.б. маселелери үчүн теориялык жактан да, практикалык жактан да чоң баасы болот деп айтар эле. Ошондо бул баалуу иш болсо, биз ошого катышсак деген үмүттө жүргөнбүз. Тилегим ордунан чыгып, мен 1951 – жылы пединститутту бүтүп, аспирантурага калмак болдум да, июль – август айларында Тажикстандагы Каратегинге (ал кезде Гарм области эле) барып, жерге – талдык кыргыздардын ичинде жүрдүм.

Жерге – талдык кыргыздар «ичкиликтер» деп аталып, тил жагынан алганда диалектилик көп бөтөнчөлүктөргө ээ экендиги байкалып калды. Мен ал бөтөнчөлүктөрдү чогулта баштадым. Диалектилик өзгөчөлүктөр сөздөрдүн ар түркүн катмарларынан, тематикалык топторунан, семантикалык жүгүнөн, тыбыштык составынан, морфологиялык жасалышынан, таралыш чегинен, тарыхый – лингвистикалык себептери жагынан ар башка экендиги сезилди. Бул ишке өтө берилип кызыгып калдым да, диалектилик сөздөрдү учурай калган жерде жазып алчу болдум.

Адегенде эле баамга оркоюп, төмөнкүдөй диалектилик сөздөр урунуп, жыйнала баштады: **ыстык** (ысык): **ыстык нан** (жаңы бышырылган нан, токоч), **ыстык тамак** (көпчүлүккө арналып жасалган сорпо – шиленду тамак), **кур ыстык** (жайкы чилде, саратан), **сувлу ыстык** (1. ысык буу, 2. арашандуу жер); **ысыкаат** (1. жыртыш, 2. өкүнгөндө айтыла турган сырдык сөз); **ысвылы** (адегенде кездемеге жол чийип алып, анан ар түркүн кооз жип менен саймаланган кештенин бир түрү), **ырow//ро** (өсүмдүктүн аты), **ырышан** (жарык), **ыраң** (сыя), **пайвант** (кыйыштыруу), **оймо ылвырай** (ала кийиз), **эне зәди** (эне уругу, **үч эш** (чакмак таш ойнунда ташты үч – үчтөн топтоп алуу фазасы) өндүү ж.б. сөздөр топтолду.

Өзгөчө сөздөр идиомалардан да, фразеологиялык туруктуу сөз тизмектеринен да, макал – лакап, жаңылмач, табышмактардан да жолугуп жатты. Алсак: **ээгин буруw** (кучактап өбүү), **эш музow** (үлүл), **эдел кара** (караан, эш, шерик), **кара качкан киши** (куучу), **ак чакыч** (1. өсүмдүктүн аты, 2. ошол өсүмдүктүн ширесинен алынган сагыз), **топ ит талады** (чакмак таш ойнундагы дагы бир фазанын аты), **жуwчунун кечиккениден сүйүн; атасы жиндинин бири – жинди, энеси жиндинин бээри – жинди; ойногондо энем күштүw, чындаганда атам күштүw; өмөктөшкөн жow кувat** (макалдар); **тагай–түгөй тавышмак, көлдө жатып көгүшмөк, жатып алып өвүшмөк** (табышмак — күзгү); **аттан эгиз, иттен пас** (ээр), **дүңк кәмпир, дүңгәләк кәмпир, кайда барса, әзиз кәмпир** (чайнек)... ж.б.

Бул сыяктанган бөтөнчөлүктөр топонимдерде да, этнонимдерде да, антропонимдерде да кезигип турду. Мисалы: 1. **Аңырты, Бүлөтү, Бугуту, Агач–Арт, Ак–Турук** («**турук**» деген сөз кайберендер кача албай камылып кала турган аска жер). **Баатыр–Турук, Товчак, Берик–Тал**... ж.б. (топонимдер); 2. **актачы, кыдырша, бостон, тейит, човой, жаманаң, чегитир**... ж.б. (этнонимдер); 3. **Ширингүл, Шавистон** (бул сөз тажик тилиндеги: шаб

"түн" + стон «мекен» деген сөздөн), **Хәсийәт** (таж. **хосят** «жакшылык»), **Хурниссо** (таж. **хур** «жыргал», ур + ниссо «турмуш»), **Сәйли** (таж. **сайла** «сейил»), **Рахима** (түндүк говорлордо Ракыйма, Ыракыйма; бул «ырайым» деген мааниде. Мындан Райымбек, Райымкул деген аттар да жасалган), **Нихол** (таж. **нихол** «наал көчөт»...ж.б. (антропонимдер) ж.б.у.с.

Албетте, жыш учурай турган бул өндүү өзгөчөлүктөр филологдор үчүн байкалбай калбайт эле. Мындай фактылар менен таанышып чыккандан кийин Проф. К.К.Юдахин келечекте кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгүн түзүүгө материал топтоо зарылдыгын, анан сөздүктүн өзүн чыгаруу керектигин айтып кеңеш кылган болучу.

Мына ошол жылдардан тартып мен Каратегинде, Памирде, Алайда, Лейлекте, Баткенде, Ноокатта, Кара – Сууда, Өзгөндө, Советте (**Кара–Кулжада – ред. К.К.**), Сузакта, Базар – Коргондо, Ала – Букада, Жаңы – Жолдо, Таласта, Чүйдө, Ак – Талаада, Тондо, Жети – Өгүздө, Түптө ж.б. жерлердеги ондогон айылдарда болуп, кары дебей, жаш дебей ар кандай кесиптеги адамдардан диалектологиялык материалдарды үзгүлтүксүз жыйнап келдим.

Кесибиме жараша диалектологиялык экспедицияларды, практикалык иштерди, курстук жана дипломдук жумуштарды жазууну уюштурдум. Булардын баары менин ишиме көмөк берип жатты. Кайсы бир объектилерге (Памир, Каратегин, Алай, Баткен, Өзгөн ж.б.) эки – үч жолудан кайра – кайра барып, иш жүргүзүлдү. Жыйырма жылдын ичинде эң көп материалдар чогулду. Анын үстүнө бул жылдардын ичинде тилчилер Г.Бакинова, Т.Ахматов, Э.Абдулдаев, Н.Бейшекеев, С.Кончудалова, К.Бакеев, Г.Төрөжанова, Ш.Жапаров сыяктуу диалектологдор тарабынан бир кыйла монографиялар, илимий макалалар жарыяланды. Академик К.К.Юдахиндин «Кыргызча – орусча сөздүгү», Проф. Б.М.Юнусалиевдин «Кыргыз диалектологиясынын программасы», «Кыргыз диалектологиясы» (окуу китеби), Проф. Х.К.Карасаевдин «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү», Проф. Б.Орузбаеванын «Кыргыз адабий тилинин жалпы элдик негизи», Э.Абдулдаев менен Д.Исаев редакциялаган «Кыргыз тилинин түшүндүрмөлүү сөздүгү», Э.Абдулдаев менен Ж.Мукамбаевдин «Кыргыз диалектологиясынын очерки», Ж.Мукамбаев менен К.Иманалиевдин «Памирдик – каратегиндик кыргыздарда» деген китеби жарык көрдү. Буларда али жалпы элдик тилге тарабаган диалектилик бир топ лексикалык жыш материалдар топтолуп, жарыкка чыкты.

Эми сөздүк түзүүнү ыкчамдатуу жана жарыялоо маселеси кезекке туруп калды. Бул идея профессорлор К.К.Юдахин, Б.М.Юнусалиев, Х.К.Карасаев, Б.Орузбаева, А.Жапаров, Т.Ахматов, доценттер К.Дыйканов, С.Иманалиев, Ш.Жапаров ж.б. жолдоштор тарабынан колдоого алынып, иш жүргүзүлө баштады.

Албетте, диалектилик лексиканы жыйнап, изилдөөнүн мааниси чоң. Диалектилик сөздөрдүн сөздүгүн жарыялоо менен биз мектептерде, жогорку жана педагогикалык окуу жайларында окуган окуучулар менен студенттерге (филологдорго), тил жана адабият мугалимдерине, филолог илимпоздорго, жазуучуларга, басма сөз кызматкерлерине, ал гана эмес, тарыхчы, этнограф, фольклорист, методист өндүү кызматкерлерге эне тилинин диалектилик

байлыгы менен таанышууга, илимий изилдөөлөр жүргүзүүгө, практикалык маселелерди чечүүгө чоң көмөк кылабыз деп ойлойбуз. Бул сөздүк түркологиялык изилдөөлөргө да, өзгөчө түрк тилдеринин диалектилерин, лингвистикалык географиясын, лексикалык талдоолорун, тарыхый – салыштырма пландагы изилдөөлөрүн ишке ашырууда да аздыр – көптүр жардам берет го деген ниеттебиз.

Жыйналган лексикалык материалдардан тилдик фактылар жергиликтүү элдин турмуш – тиричилиги, тарыхы, каада – салты менен эриш – аркак байланышта экендигин даана байкайбыз.

Деги диалектилик лексика дегенибиз эмне?

Диалектилик лекскика (сөз) деп жалпы элдик тилге бирдей тарабаган, тараса да тыбыштык составы, морфологиялык түзүлүшү, семантикалык маанисн, сөз айкалышы, фразеологиялык тутуму жагынан айырмаланган же бир жерде айтылып, экинчи бир жерде жолукпаган сөздөрдү айтабыз. Мисалы: **кайтарма** (күрөшкөндө колдонулуучу ыктын бир түрү), **битке** (бир аз), **бөлүмчү** (бөлүштүргүч), **эки тер** (чакмак таш ойнунда таштарды экиден алуу фазасы), **чакчак гүрүм** (бир кур адамдардын чогулушуп, тамашалашып, тамак ичип, оюн – зоок курушу), **чаккар** (топ, үйүр), **чандүлөч булак** (кичинекей гана оюкча боордон сызылып аккан булак), **чөндөлөч** (жылкычы кучкач. Бул чымчыкты жаз алды менен биринчи көргөндө жергиликтүү адамдар **«былтыркы көргөн чөндөлөч быйылга чейин өлвөпсүң"** деп таш менен уруп куушат), **чакча камыч, кырма камчы, суйсалма, ашырык** (камчынын түрлөрү ж.б. жерге – талдык материалдардан).

Чүччү (эчкини айдаганда айтылуучу сырдык сөз), **ых** (эшекти теминип бастырганда айтылуучу сөз), **шороп–шороп** (уй, топоз, төөнү сугарганда айтылуучу сөз), **чыхх–чыхх** (төөнү чөгөргөндө айтылуучу сөз), **чүгэ–чүгэ–чүш** (түвөй – түвөй), **чөгөлөн–чөгөлөн** (төөгө карата айтылуучу сырдык сөз), **үй** (чочуганда айтылуучу сырдык сөз), **пых** (ээликтегенде айтылуучу сөз), **папа** (калакай, ичикий), **өөлвөй** (адамды ээликтегенде айтылуучу сырдык сөз), **шовваз** (ноопас), **ойлойлой** (танданып калганда айтылуучу сырдык сөз ж.б. баткендик материалдардан).

Энкевал (алгач, мурун), **этек** (алжапкыч), **ызыбайран** (ызы – чуу), **кеч конок болгомбуз** (кеч үйлөнүп, кеч бала – чакалуу болгомбуз), **куу казык** (балдардын ойнунун бир түрү. Мында жерге казык кагылып, ага курлар улаштырылып байланып, түбүнө баш кийимдер жыйылып, аны бирөө коруп, калганы ала качууга аракет кылып ойношот), **майлама** (май жупка), **энечек** (чикиттин узун таягы), **боздук** (жаш улан), **мәрәк эгер** (желим менен чапташтырып курап жасаган ээр), **каптама эгер** (тери каптаган ээр), **ыстараж** (туяк тегиздөөчү курал), **кудаа ырмат** (дүлөй), **ынжык** (курак), **чалекар** (малкана), **чәмбәр** (чекеге байлануучу жоолукча), **жиндигалай** (куймак), **чоксары** (чөптүн бир түрү), **гәрә** (таблица ж.б. өзгөндүк материалдардан).

Элибиздин тили XX кылымга чейин кеңири түрдөгү жазма адабий тилге айлана албай, оозеки сүйлөнүп, географиялык жактан ар кайсы территорияга тарап, тарыхый жактан ар кайсы тилдердин таасирин ар түрдүү даражада көрүп жана ички спонтандык өзгөрүүлөрдүн ар кыл шартына: тарыхый –

этникалык, чарбачылык, этнографиялык, географиялык ж.б. шарттарына байланышып келгендигинен улам диалектилик кат – кат бөтөнчөлүктөрдүн болушуна себепкер болгон.

Алсак: **билезүк** (**билерик**, сал.:[1] МК., бкыпч. **билезук**: ккалп., каз. **Билезик**[2]); **жоңгучка** (**кашка беде**, сал.: бкыпч. **йонча**; ккалп., каз. **жоңгышка**); **өкчө** (**өтүктүн такасы**, сал.: бкыпч. **өгчө**; ног., ккалп., каз. **окше** (согончок); **бөй, бөйү** (**чаян**, сал.: бкыпч. **бүй**; тур. **бөй**; башк. **бөйе**; ног. **бий**; каз. **бүйи**); **үгрөн (үйрөн**, сал.: бкыпч. **үгрөн**; МК. **өгрен**); **эгин** (**ийин**, сал.: бкыпч., МК. **эгин**); **йак, жоw** (**май**, сал.; бкыпч., МК. **йак**; кум. **йав**); **тиз** (**тизе**, сал.: бкыпч., кар., ног. **тиз**); **куйаш** (**күн**, сал.: бкыпч., МК., кар., ккалп. **Куйаш**; тат., башк. **кояш**; ног. **кыяс**); **ынан** (**ишен,** сал.: бкыпч., МК., ног. **ынан**; кар., тат., кум., ккалп., башк. **инан**; каз. **нан**); **ысын** (**ысы**, сал.: бкыпч. **ыссын;** МК. **исин;** ккалп., каз. **ысын**); **кечит** (**кечүү,** сал.: бкыпч. **кечут**); **жигде** (**жийде**, сал.: МК. **йигде**; ккалп. **жийде**; монг. **йигиде**); **сөгөт** (бул сөз жердин аты катары «Сөгөт, Сөгөттү» деген түрдө учурайт. Сал.: бкыпч. **сүгүт**, МК. **сөкүт** «тал»); **сыйыр** (**уй**, сал.: бкыпч. **сагыр**; кар. **сыгыр**; ккалп. **сыйыр**; каз. **сиыр**); **шишек** (**борук**, сал.: бкыпч. **шишек**; башк. **шәшәк**; каз. **исек**); **сүрүк** (үйүр мал, короо кой, сал.: бкыпч. **сүрүг**[3], МК. **сүрүк)** ж.б.д.у.с. диалектилик сөздөр ичкиликтер (түштүк – батыш) диалектисинде байыркы кыпчак, казак тилдеринин өткөн замандардагы этникалык составындагы миграциялык оошууларга байланыштуу орун алгандыгы көрүнөт.

Ал эми кыргыз тилинин түндүк диалектисинде ичкиликтерге тарабаган, бирок казак тилинин чыгыш говорлоруна бирдей тараган лингвистикалык географиянын аралдык белгилери үчүн кызыктуу болгон сөздөр жолугат. Мисалы: **ичмек** /каз. **ишпек.** Бул сөздөн улам диалектиде «**Ичмекбай**», казак говорунда «**Ишпекбай**» деген антропоним учурайт; **кечил** /каз. **кешил**. Бул сөз монгол тилинде «**монах**» деген мааниде айтылат. Андан кыргызча **Кечилбай**, казакча **Кешилбай** деген ат пайда болгон); **улар (**канаттуунун аты); **бертмө** (таруу, каз. **бөртпе** «каша»); **келегей** (каз. **килегей** «каймак»); **желетке** (каз. **зелетке**); **козуга (**каз. **козга**); **тургай** (каз. **тургай**); **абдыра** (каз. **абдыр**, монг. **авдар**); **көрпө** (каз. **көбир**, монг. **хөөвер**); **катарлу** (каз. **катарлы**); **бул** (каз. **бул** «ткани»); **жутма** (**кайырмак**, каз. **жутма**); **мискей** (каз. **мескей**), **чермий** (каз. **шермиш** «кичине»); **тантыра** (каз. **тандырау**); **жала кыл** (каз. **жала кой**); **делбетап** (каз. **делветап**); **шалгам** (каз. **шалгам**); **чывы** (каз. **шиби**); **сеңир** (**тоо**), (каз. **сеңгир**, монг. **цонгор**); **тырдай** (**жыланач**, каз. **тырдай болу**); **чейрек** (каз. **шерик**,_**ширек**); **булгаары** (каз. **былгары**); **таман** (каз. **табан**); **омай, омей** (каз. **амай**); **күртүк** (кар), (каз. **күртик**); **конурсу** (каз. **кенисир**)[4] ж.б.д.у.с.

---

[1] Кыскартылган сөздөрдү шарттуу белгилерден каоаңыз.

[2] Башка тилдеги сөздөр типографиялык шартка байланыштуу кыргыз орфографиясы боюнча берилди (**Автордун оргиналы боюнча – ред. К.К.**)

[3] Байыркы кыпчак тилиндеги сөздөр А.К.Курышжановдун "Исследование по лексике "тюркско – арабского словаря" (Алма – Ата, 1970) деген эмгегинен алынды.

[4] Казак диалектилерине (**Автор кебетеси казак тилинин говорлорун айтып жатса керек. – ред. К.К.**) байланыштуу сөздөр Ж.Болатовдун "Восточная группа говоров казакского языка и ее отношение к литературному языку" (1970) деген авторефератынан алынды.

Ал эми Баткен районундагы «**цайырцы**» деп аталган илгерки заманда нойгуттарга кирген топтун говордук бөтөнчөлүгүн карап көрсөк, анда байыркы тилдин сакталып калган бөтөнчө изин көрөбүз: **цырак** (**чырак**, сал.: карб., азб. **цырак**); **цыгыш** (**чыгыш**, сал.: азб., бард. **цыгыш**); **цойун** (**чоюн**, сал.: карб. **цойун**; тат. **цойын**; азб. **цугун**); **цац** (**чач**, сал.: карб., тат. **цац**; азб. **сац**); **цап** (**чап**, сал.: карб., бард. **цап**); **цай** (**чай**, сал.: азб., тат., бард., монг. **цай**), **иц** (**ич**, карб., бард. **иц**); **целек** (**челек**, сал.: карб. **целек**); **көц** (<u>көч</u>); **бөөрү** (**бөрү,** сал.: түрк. **бөөри**); **төөрт** (**төрт**, сал.: түрк. **дөөрт**); **үүч** (**үч**, сал.: башк**. үүч**) ж.б.

Ал эми: **лаазы** (дунг. **лацзяо**); **жозу** (дунг. **чжоцзы**); **каң, кең** (дунг. **гуан цза**), **жың** (дунг. **чжун**); **бээсей** (дунг. **байцай)**; **шээтай** (канжа), дунг. **гуан цзы**); **даду** (дунг. **дадоуэр**); **пунтозу** (дунг. **фунчезе**) ж.б. сөздөр Ысык – Көлдүн Жети – Өгүз районундагы айрым айылдарга дунган тилинен тараса, **ашпузум** (уйг. **ашпузул** бул сөз түрки тилиндеги (**түрк тилдериндеги – ред. К.К**) **аш** жана кытай, дунган тилиндеги **фузул** – ашкана, столовая деген сөзүнөн жасалган); **кезмал** (уйг. **гезмал**), **дагар** (кап) (уйг. **тагар**); **жаңжал** (уйг. **жаңжал**) ж.б. сөздөр уйгур тилинен өткөн.

Арга (монг. **арга**), **бадик** (монг. **бадаг** «кыска ыр»), **бакшы** (монг. **багч** «мугалим, уста»), **дасы** (монг. **дасах**); **домчу** (монг. **домч**); **дүң** (монг. **дүң** «жалпы сан»); **эмчи** монг. **эмч**), **кашаа** (монг. **хашаага**); **албан** (монг. **албан**); **капчыгай** (монг. **хавчигай, хапшигай**)ж.б. сөздөр монгол тилинен ооп кирген.

Тажикстан менен Өзбекстанга жакын же аралаш жашаган кыргыздардын говорунда өзбек – тажик тилдеринен оошкон сөздөр да көп; **ынтымас, ылтымас** (өзб., таж. **илтимос**); **ылата** (өзб., таж. **латта**); **ылазым** (өзб., таж. **лозим**); **гәрдиш** (таж. **гардиш**); **жым–жым** (таж. **жим** «күм – жам»); **гәлә–гәлә** (таж. **гала** «кеп, топ»); **әлләйow** (таж. **алла–гүй**); **әр–әр** (таж. **ар–ар** «эшекти кыйкыртуу»); **әттәнин, әттәнәвәт** (өзб., таж. **аттан**); **гиз–гиз** (таж. **гиз**) «ырсайып ооз ачуу, тишин көрсөтүү»); **ыстәмә** (таж. **истам**); **ырасса** (таж. **расо**); **ынсап** (таж., өзб. **инсоф**); **астар** (өзб., таж. **астор, астар**) ж.б.

Кашкар тараптагы кыргыздарда кыргыз адабий тилинде учурабаган, же мааниси жана тыбыштык составы жагынан айырмаланган сөздөр бар: **авали** (үй); **аңсыз** (сезимсиз); **агыл** (кой короо); **агылга** (жайыт); **ада** (түгөнүү); **азант** (адат); **адейи** (атайы); **аниги** (алиги); **әдийе** (көрүндүк); **әдими** (сулуу); **арваста** (калтыра); **абжары** (жабалакта); **абдал** (буурсун); **аңырка** (таңдан); **авыгый** (аксакал); **авыр** (буурул); **ажык** (дөөпүрөс); **ажын** (абысын); **азгын**); **жорго**); **апичий** (ак чүч); **асипсиз** (адепсиз); **азым** (улуу); **атакей** (абаке); **азиретте** (баркта); **азыт** (азгыр); **айры** (аары); **айык** (аюу); **айкылаш** (арыздан); **акыр** (акырын); **анамсаат** (алекисаат); **албын** (оору); **акпар** (укмуш); **аддар** (адамчи); **алангер** (кыйроо); **алкынт** (тебелет); **алчий** (мителик); **алвек** (карыз); **албыр** (кычкач), **ани** (эмне үчүн); **аңкы** (жаттан); **аңкар** (кемсинт) ж.б.д.у.с.

Мына ушул өңдүү жогоруда көрсөтүлгөн фактылар элдик оозеки тилде, анын диалекти, говорлорунда байыркы замандан калган этникалык диалектизмдердин калдыктары менен катар кийинки мезгилдерде пайда болгон территориялык диалектизмдердин көп көрүнүштөрү бар экендигин айгине кылды.

«Кен асылы жерде, сөз акылы элде» деген макал бар. Ошонун

сынарындай журт ичинде, элдин тилинде алиге кагаз бетине түшпөй, түшсө да ар кайсы китептерде чаржайыт жүргөн сөздөр арбын, аларды бир китепке – диалектологиялык сөздүккө топтоо керек эле. Кийин жылдары мен бул ишке бел байлап, акад. К.К.Юдахиндин сөздүктү редакциялоого берген макулдугу менен ишти жарыялоого киришти. Анын бөксөсү менен өксүгү болсо калк көрөр, электен өткөрөр, сын берер, ошентсе бара – бара ал ишти жетилтип кетүүгө болот деп ойлойм.

Сөздүктөгү материалдар тилибиздин тарыхын талдоого, диалектилик, говордук атластарды жарыялоого, адабий тил менен анын диалектилеринин ортосундагы ич ара катыштарды аныктоого, адабий тилдин байышына көмөк көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет деп ниет кылабыз.

Асыресе, ар кыл мазмундагы терминдерди тактап, андан ары өркүндөтүүдө элдик сөздөрдү термин катары пайдаланып кетүүгө чоң пайдасы тиймек. Мисалы: **жөлөк** (кененин бир түрү); **пүтөw ысвылы** (сайманын бир түрү); **бакана** (тепкич, шатынын бут баса турган туура жыгачы); **казык аяк** (боорунда ачасы бар, ага бут коюп баса турган шыргый жыгач); **зувала** (нан, кесме жасоо үчүн ийленип тоголок – тоголок кылган камыр); **кошкана** (тойдо сыйлуу адамдар отуруп урмат көрө турган үй), **нагара** (музыкалык аспаптын бир түрү); **сууловуч** (капастагы бөдөнө, кекиликке суу куюп берүүчү идиш); **боркок** (уйду эмбесин үчүн музоонун мурдуна кийгизилүүчү тор кеп); **чүйкө** (ич оорунун бир түрү, түйүлүп ооруйт); **кемпир чач** (саздак жерде өсүүчү өсүмдүктүн аты); **салык, дөң, диң** (унаага жүк артуунун түрлөрү); **кызыл от** (өсүмдүктүн аты); **наал** (али мөмө байлай элек, бирок жетилип калган жемиш өсүмдүгү), **бото мойнок** (өсүмдүктүн аты); **кыркма** (мал оорусунун бир түрү); **кыйкан** («чакан беш» ойнунда кырынан узата тигилген таштар); **көптүрмө** (сүткө көптүрүлүп жасалган, акталган таруу же буудай тамак); **көлгө түшмөй** (оюндун аты); **чаң** (ооз комуздун бир түрү); **кайнатма, кыям** (варенье); **айуу чөп** (өсүмдүктүн аты); **түр** (мүчөгө бөлүнүп коюлган чийкилей эт), **тандай, ува** (жылкы оорулары); **кылоо** (уй, музоо, төөнүн тил оорусунун бир түрү); **элсанар** (канаттуунун бир түрү); **эмек** (тогуз коргол ойнунда үй – үйгө салына турган коргол); **элден–элден эл чавар** (оюндун аты); **әлбөөлү, албоолу** (**әлвәәли. – Аксы кыргыздарынын тилинде. Ред. К.К**) (жемиш өсүмдүгүнүн бир түрү); **эрва, эрбаасын** (өсүмдүктүн аты); **эвелек** (өсүмдүктүн аты); **каңылтыр** (балыктын бир түрү); **козу көч** (узак, алыс узабаган көч); **эмил** (өсүмдүктүн аты); **газчөп, серап, айван, пешкаары** (үй курулушунун терминдери); **тире оюу, килем оюу, казан кулак оюу, бадан оюу, салывай оюу, алабакан оюу, тавак оюу** (шырдактын оюуларынын аттары); **шаң, туура тилик, оймо, көзөнөк, түймө, чек, солок, кесик, сырга, топчу, пышаң, кумурска, канжыга, кез, сыдыргы** ж.б. (эн, чек аттары); **тикме ээр, калмак ээр, саяк ээр, анжиян ээр, кокон ээр, оймо ээр** (ээрдин түрлөрү); **сүт ысмалак, боз чаңгыл, теке чакыч** (өсүмдүк аттары); **ыкман тал, самбил тал** (талдын түрлөрү) ж.б.д.у.с.

Кээде дублет – варианттарды семантикалык дифференция аркылуу бир түгөйүнө бир маани, экинчи түгөйүнө башка маани берип, экөөнү тең бөлөк – бөлөк сөз катары колдонгон учурларыбыз бар. Мисалы: **дебе** «холм», **төбө** «макушка»; **улоо** (жүк жүктөй турган же мине турган мал); **унаа** (ат –

араба, мингич мал); **эреже** «правила», **эрезе** (илгери чыгарлып келген өкүм, токтом); **озур** «тынчтык», **үзүр** «жыргал» ж.б.

Ушул үлгүгө салып, кээде лексикалык дублеттердин кай бирлери бирине бир маани, экинчисине дагы башка бир маани берип, адабий тилге сиңирүүгө да болор эле. Мисалы, адабий тилде кол менен буттун салааларынын учундагы сөөкчөнү «**тырма**к», анын учуна чыгып, кийин алынып салына турганын да «**тырмак**» дейбиз. Ал эми диалектилерде биринчи учурда «**тырмак**», экинчи учурда «**тырнак**» делет. Эмне үчүн мына ушул маанилик дифференциянын үлгүсүн колдонууга болбойт? Же орусча «**варежки**», «**перчатки**» деген эки башка атоону «**мээлей**» деп алып жүрөбүз. Эмне үчүн бул сөздөрдү диалектилердин эсебинен биринчи учурда «**кол кап**», экинчи учурда «**мээлей**» деп атоого болбосун? Менимче, болор эле. Дагы бир мисал. «**Услужливый**» дегенди – элгенчи, «**фарфоровая тарелканы**» – чыны ликепче, «**фарфоровая чашканы**» – чыны кесе, «**фарфоровый чайникти**» – чыны чайнек, «**рисовая молочная кашаны**» – ширин күрүч ж.б.д.у.с. сөздөрдү диалектилердин эсебинен (элге бүтүндөй болбосо да, белгилүү аймакта тараган сөздөрдү) колдонууга неге болбосун? Менимче, болот. Бул өндүү сөздөр ары бат тарап, ары тез сиңет го!

Ушул аспекттен караганда тил маданияты боюнча иш жүргүзүүчүлөр үчүн да сөздүктүн көмөгү чоң болмокчу, аларга бай материал бермекчи. Бул сөздүк башка типтеги сөздүктөрдү, алсак, түшүндүрмөлүү сөздүктү; котормолуу сөздүктү, фразеологиялык сөздүктү, этимологиялык сөздүктү, омоним жана синонимдер сөздүгүн түзгөндө, текстологиялык иштерди жүргүзөндө да белгилүү даражада пайдасы тиймекчи.

Бул сөздүк адабий тилдин лексикалык, орфографиялык, орфоэпиялык жактан унификацияланышына да, филологиялык изилдөөлөргө да өбөлгө бере алат деп ойлойбуз.

Адабий тилдин негизги – ички баю булактарынын бири диалектилик, говордук лексика экендигин эске алып, айрыкча, терминологиялык лексикалар такталуу, толукталуу процессин өз башынан өткөрүп жаткан кезде биз диалектологиялык сөздүктөгү материалдарга кунт коюп мамиле күтөр элек. Кээ бир жолдоштор диалектилик лексиканын кайсы варианты адабий тилге кирүү керек экендигин, этимологиясын көрсөтүп, кай бирлерине тыбыштык жана семантикалык «түзөтүүлөрүн» киргизүүнү сунуш кылышты. Бирок ал максаттар сөздүккө коюлбагандыктан, аны ишке ашырууну туура көрбөдүм. Анын себептери төмөнкүдөй болду: биринчиден, автор бул же тигил сөз адабий тилге тенип кетүү керек деп көрсөткөн менен да турмуштун өзүндө ал сөз адабий тилге кээде сиңип, кээде сиңбей калышы мүмкүн. Экинчиден, андай учурда автордук татымга карата субъективдүүлүк кетип калышы да ыктымал, бул маселенин чечилиши журтчулуктун өкүлдөрү менен жүзөгө ашыш керек деген ойдо болуп, турмуштун өз сабагына жол болсун дедим. Үчүнчүдөн, этимологиялык талдоолорду (айрым бир учурда болбосо) атайын жүргүзгөнүм жок, анткени ал өзүнчө сөздүктүн милдети, анын үстүнө филологиялык атайын камылгасы болбогон адамдар кээде сөздөрдүн тегин карап алып, анын турмуштук зарылчылыгына, илимий маанисине, эл ичинде тарап – бутактаганына карабай, тышкы эффектиге назар салып, кол булгап

«кайдагы жок сөздөр» деген ойдо болбосун дедим, анан дагы башка тилдердин диалектологиялык сөздүктөрүндө бул принцип колдонулбагандыгын эске алдым. Төртүнчүдөн, адабий тилдин нормасына ылайыкташтырып, кандайдыр бир «түзөтүүлөрдү» киргизүүнү такыр эле алгылыксыз деп ойлодум. Өзгөчө, составында «**ә, әә, ҳ, х, w, в**» өндүү тыбыштары бар сөздөрдүн адабий тилдик варианттарын көрсөтүүгө макул болууга ылайык келбеди. Себеп дегенде, анда «жасалмалуулукка», объективдүүлүктөн четтөөгө барып калуу да мүмкүн эле. Демек, эмне кылышым керек? Же «түзөтүү» бербешим керек эле, же кара өзгөйлөнүп ал «түзөтүү» принцибин колдонуп, сөздүккө бир кыйла баш – аламан иш киргизишим керек болучу. Мен «түзөтүү» прицибин колдонбоюн дедим.

Мындай учурда менин кай бир оппоненттерим, өзгөчө составында «**ә, әә**» фонемасы бар сөздөрдү адабий тилге өткөрүүдө чатак туудурбас бекен, ал качандыр бир учурда кыргыз диалектилеринин жөнүн, диалектологиясынын тарыхын билбеген бирөөлөр «диалектиде «**ә, әә**» тыбыштары болсо, аларды адабий тилдин тыбыштык составына киргизүү керек» деген маселе коюп, адабий тилдин унификацияланган тыбыштык нормасын бузууга бел байлап жүрбөсүн деп чочулашат. Менимче, эч качан андай болбойт, анткени «**ә,әә**» тыбышы диалектилик кубулуш. Эгерде бул тыбыш жөнүндө сөз болсо, анда диалектилик башка кубулуштар жөнүндө да ошонун өзүн айтууга болор эле. Андай болгондо адабий тилдин жалпыга милдеттүү нормасын эч качан иштеп чыгууга мүмкүн эмес, тил маданиятын бийиктетүү да кыйындайт. Адабий тилдин орфографиялык негизи да бузулар эле. Демек, мунун өзү «**ә, әә**» тыбыштарын урунбай эле жашап келген адабий тил ансыз деле андан ары жашоого толук мүмкүнчүлүгү бар экендигин көрсөтүп тургандыктан, ал жөнүндө маселе коюу, же коопсузданып бушайман болуу – негизсиз жана келечексиз иш экендигин атайын эскертким келет.

Диалектилик сөздөрдү ар түрдүү аспектиде: диалектологиялык максатта, тарыхый диалектологиянын аспектисинде, лингвистикалык географиянын көз карашында, синхрондук жана диахрондук процессте, региондук масштабда, айтор, тарых, мезгил жана мейкиндик багытта түрдүүчө жол, түрдүүчө максат жана түрдүүчө метод менен изилдеп, талдап, үйрөнүп иликтесе болот. Лексикалык өзгөчөлүктөр, албетте, изоглосстук, башкача айтканда, ареалдык метод менен жазылып алынып, филологиялык талдоодон өтөт. Алар, шексиз, диалектилер менен говорлордун тарыхын жана таралыш чегин, алардын структурасын аныктоого көмөк берет.

Албетте, диалектилик же говордук чек катып калган линия болбостон, өткөөл жана толкун сымал зоналык көрүнүшкө ээ болуп, кеңдиги жана меридианы жагынан кичине чөйрөдөн тартып ондогон, а балким, жүздөгөн километрге чейин созулуп кетиши ыктымал, бирок ошол зонанын ичинде диалектилик өзгөчөлүктөрдүн негизин түзгөн уютку – ядро болот. Диалектология илими диалектилик өзгөчөлүктөрдү талдай турган жана сыпаттап баяндай турган илим болгондуктан, ал лингвистикалык география үчүн, анын кеңири, терең жана жалпылагыч мүмкүнчүлүгүнө даңгыр жол ачып берет, өбөк болот. Демек, мында да диалектилик лексика чоң роль ойнойт. Ошон үчүн биз бул жерде, кээ бир тилчилердин диалектилик

сөздөрдүн классификациялык түрлөрүн баяндоо жөнүндөгү сунуштарын эске алып, өтө кеңири болбосо да алар жөнүндө жалпылап айта кетебиз. Алдын ала айта турган нерсе бул: диалектилик лексиканы классификациялоодо диалектолог тилчилердин классификациялык принциптерин эске алып, сөздөрдү бир нече түрлөргө бөлүп карайбыз[1].

I. Фонетикалык диалектизм. Мындай сөздөрдүн тобуна диалект, говорлордун тыбыштык нормасына туура келген, же тарыхый ареал жагынан өзгөчө тыбыштык түр менен сакталып калган сөздөр кирет. Алар да ич ара бир нече топторго бөлүнүп каралышы мүмкүн. Мисалы: а) түндүк, түштүк – чыгыш, түштүк – батыш (ичкилик) диалектилеринин ич ара тыбыштык нормаларына (**с//з; а, е, ө//ә; п/б; к/х, г; ч//ц**; байыркы созулма жана азыркы кыска үндүүлөрдүн же азыркы созулмага диффтонг менен үнсүздөрдүн туура келиши өңдүү ж.б. көрүнүштөргө) байланыштуу фактылар: **чөгөт//чөwөт//чөөт; чөйчөк//чөвчөк//чөөчөк; чөwөгөн// чөwтүн// чөөгүм// чөөгүн; паңыз//паңыс** (**чырак**); **чылдырман//чилдирмән; чилтен//чилтән; чимелдирик// чимелтирик** (кээ бир жерде бул канаттуу «**көк шалкы**» деп аталат); **чеңгел//чәңгәәл; чексе//чәксә; чекмен//чепкен; чуwулдай// чуwулдак//чуулдак; чоң//цоң (цоң болсоң да жыланды өлтүр, дарахты өстүр** – макал); **чет//цет; чал//цал; чакыр//чыкыр// кычыр//цакыр; кылыч//кылыц (кырда кылыц жаркырайт** – табышмак: текенин мүйүзү); **күч//күц; чык//цык (курук жерден өрт цыкпайт** – макал); **чөп//цөп; чуwурма//чуурма** (көчөттүн бир түрү) ж.б.

б) Тыбыштык составынын айырмачылыгы диалекти, говорлордун азыркы нормасына туура келбестен, байыркы көрүнүштү же коңшу тилдердин таасирин, ал гана турсун илгерки этностук издерди сактап учураган фонетикалык диалектизм сөздөр: **чырва// чырма; чыпалак//чынчалак// чыпанак//чымчалак; чүргөк//жөргөк; чүрөк//чүрек; чиркей//чирикей// чүркәй; чүпүрөк//чүрпөк//чүпөрөк; жүүт//чүүт; чүкүрү// чүкүрдүк// чүкүлү; чүлдүй//чүлжүй; чукулдук//чукулук; чуңкур//чукур; чылгоо// чулгow//чулгак//чулган; чурка//чура; чөөлмөк//чөмөнөк//бөөлмөк// чөөл//чөлмөк; көпчүк//чөпчүк; чыбык//чувук; чеккич//чекич//чөкүч// чекит; чеме//чама; кемирчек//чемирчек; чермий//черний** (чыптама); **чечек// чечекей** (гүлдүн түрү); **чөлкөм//чөлкөмә; чик//чиге//чикә//чүгө; шимүүр// чимигиш; чотол// чотору; чорол// орол; чоду//чодур//чотур; чоз//соз; чоку//чоко//чого** (чоң эне); **чолпу//шолпу; чолток// чолок; чомолой// чөмөлөй//чөмөлө; чуткору//чүткөрү** (кээ бир жерде «**жәйрә**» деп аталат); **чөнтөк//чөнтөй//чонтой; чөнке//чөңкөй//чөңкө//чойунке** ж.б. Бул сыяктуу өзгөчөлүктөр «**лексико-фонетикалык диалектизмдер**» же «**лексикалык дублеттик диалектизмдер**» деп да аталып жүрөт. Айтор, кандай аталса да бул өңдүү көрүнүштөрдүн себебин ачуу үчүн аларды билүү керек, каттоо керек. Демек, ошон үчүн алар да сөздүккө өз – өз орду менен киргизилди.

[1] А.Б.Калинин. Лексика русского языка. – М., 1966, стр. 122 – 130; Сб. "Слово в русских народных говорах". – М., 1968; Фонетика современного русского литературного языка. Народные говоры. – М., 1968, стр. 131 – 196; Ф.А.Абдуллаев. Диалектал лугат тузиш принциплары хакида. Жн.: Узбек тили ва адабиети. – Тошкен, 1966, № 2; Ж.Мукамбаев. Кыргыз тилинин жалпы элдик жана диалектилик лексикасы. – Газета "Кыргызстан маданияты", № 39 (142), 1969, 24 – сентябрь ж.б.

2. Морфологиялык диалектизм. Сөздүн уңгусу бир эле сөз боло туруп, бирок ар кайсы диалект жана говорлордун традициясы боюнча ар кыл мүчөлөрдүн жардамы менен ар башка жасалып учураган сөздөр «**морфологиялык диалектизм**» деп аталып, белгилүү бир изоглосстук чектерге тарап жолугат. Алардын кайсы бир ареалдары кээде территориялык гана мүнөзгө ээ болбостон, этностук мүнөзгө да ээ болуп кезигет. Морфологиялык диалектизмдер диахрондук жана синхрондук жактан, ал гана турсун, структуралык жактан да эң баалуу материалдарды бере алат. Мисалы: **чымындык// чымылдырык; чувалчан//чувалчык** (ал кээ бир жерде «**сөй жылан//сой жылан, сөөлжан, кызыл курт, жок желим**» деп да аталат); **чикит//чекилик//чикилик//чүкәләк//чилдик//чикилдәк//чикилма// чавалакей//чикитмей** (кээ бир жерде анын «**чапмай, чикитмей, кыргыз чикилдек, илме чикилдек**» деген түрлөрү бар) **//чигене//чики//чикелдек**; **такырчак//такырчаң** (**такырчаң жерде таз ойноор** – табышмак: **куюн**); **андай//ондака**; **чыкрап//чырканак//чычырканак**; **жылмышкаак// чылмышкаак**; **чымылдак//чымалай** (чийдин жумшак башы); **чым// чымкый**; **сасык тумоо//састумоw**; **өйдө//өдөлүш**; **кургак//курук**; **качаак//качак// качаанак; ичкээк//ичээнек; жуткаак//жутаанак; жулгак//жулаанак; женче// женилче; баскаак//басаанак; жылуу//ылык (тондун ылыгыны эгеси билет** – макал), **майда-чайда//майдак-чайдак; эңишме//эңишмек; ымдоо//ымдат//ындат; түндүк// түндүйөw; эмчи//эмгектөөч; элпек// элгенчек; экил//экилтик//экилик; эски// эскилөө; ачалак//ачакей; оймо //ойук, алды оймо//алды ойук, аркасы оймо//аркасы ойук, кош оймо// кош ойук** ж.б. — (эндин түрлөрү); **селкинчек//женгилчек//эңилчек, ымда //ымкыгыла, ылдый//ылдыйыш** ж.б.

3. Лексикалык диалектизм. Жалпы элге белгилүү болгон реалийди (буюм – тайым, зат, кубулуш, элес, үн, ички – сезим, кыймыл, өң – түс, сапат, тулку ж.б.) жергиликтүү сөздөр менен туюнткан учурлар көп жолугат. Ошол сөздөр кандайдыр бир синонимдик катарды түзгөнсүйт. Алар тилдеги сөздөрдүн «**лексикалык диалектизм**» деп аталган тобун түзөт да, жергиликтүү диалектилерде чоң мааниге ээ болуп, көп учурда алардын бир варианты (кээде бир нечеси да) адабий тилдин лексикасына өтүп кеткен болот. Бул бири-бири менен тең тайлашкан сөздөр регионду жактан белгилүү бир изоголосстук мүнөзгө ээ болуп, кээде «**сөздөрдүн географиялык варианты**» деп да аталат. Мисалы: **чидер//кишен//тушмоо; чилги//жааз//желдик; чыпта//линче//мүшөк; чирче//жики; чирки//кир-гок; чооп//чөйчөк; чоңкоймо//очорулма; чоңкой//очорул; чолпот//жолдош; чокум//сөзсөз//шексиз; кийиз өтүк//кийиз чокой; чоко//ини//үкә// үкө; чойнок//майпар//майрык; човот//кезек//ирет//новат; теше//чот; чорон// //корс; чоркал//көрөн-шөрөн; чөкүч//чукулдук; чөмүч//кол кашык; чилпәй//чүлжүй; шака//зыян//залал; шайбике//ойунпоз; шадман//курсан; шада//кубаныч//шат; шагдам//жакшылык; чүп//чыг//кет** (итке карата); **чүмөк//чорго; чүмбөт//бет жапкыч; чүрөк//молок//нунак; чүргөө//ороoч; чымылдык//көшөгө; чырайлык// сулуу; чыпчан//тез//бат//ыкчам// ылдам//алдыраш; чырва//согум; чыраш//желим; чөмөлөк//дүңгөлөй// өңкө; чук//бек//бышык; чүлгүр//сузгуч; битче//пиче//биртике; чүвөк/**

/жалын; метин//кайла//керкимат//чөкүч//эки баш//балта//чүм; ажырык// тывыт чөп; чүрөк//чоор; чекелдирик//көкүлдүрүк//көкүл баскыч; әсәл//асел//бал; челек//чапчак; челчен//окчун; чече//жеңе; чертмек//комуз; чылык//баткак; чыкчыт//чыкый; чымындык//сайабан; таранчы//дүрүлдөк//жут чымчык//караң чымчык; чымчуур//кычкач// аттиш//кемпир ооз; агыл//малкана; чыгын//сүрүл; чыгуw//чечек//мама/ /жапайы мончок; чыган//шаты//тепкич; чываш//шыбоо; чылчык//балчык; чырмама//чоролмо; деленгит//шок ж.б.

Кайсы бир сөздөр белгилүү бир аймакта айтылып, экинчи бир аймакта айтылбайт жана анын тескерисинчө да болот. Кээ бир синонимдер жанаша да колдонулат. Синоним сөздөрдүн таралыш ареалын, изоглоссун аныктоо диалектология, лингвистикалык география үчүн чоң кызыкчылыкты пайда кылат.

Диалектилик жана жалпы элдик лексикалык көрүнүштөрдүн аралашып, чырмалып келиши – диалектилик лексиканын өнүгүү тарыхынын татаалдыгын, ал өзгөчөлүктөр диалектилик өзгөчө сөздөр менен архаизмдик белгилердин жөнөкөй гана суммасы эмес экендигин көрөсөтөт. Ошон үчүн жалпы элдик тил менен диалектилердин тарыхын ачууда «**географиялык синонимдердин**» ареалын билүү чоң пайдага чечилет.

Сөздөрдүн географиялык синонимдеринин таралыш чегин билүү – диалекти, говорлордогу сөздөрдүн орун алуу законченемдүүлүгүн айкындоого көмөк берет. Диалектилик синонимдер адабий тил менен диалектилердин, региондук өзгөчөлүктөрдүн өз ара катышын жана мамилесин ачып билүүгө да алып келет.

Лексикалык диалектизмдердин ичинен **этнографиялык,** башкача айтканда, жергиликтүү турмуш – тиричиликке, чарбачылыкка, каада – салтка, маданий көрүнүшкө, оюн – зоокко, флоралык жана фауналык атоолорго, жергиликтүү гана буюм – тайым, курулуш ж.б. байланыштуу диалектизмдер өзгөчө орун ээлейт. Мисалы: Жаңы – Жол жакта **(азыркы Аксы тарапта. – ред. К.К.)** «**чакан//чакан беш**» деп аталган оюн ойнолот. Ал оюнга байланыштуу төмөнкүдөй термин сөздөр айтылат (бул оюнда балдар экиге бөлүнүп, суу таштарды жыйып алып, бир жалпак ташты аябай сүрүп сыйда кылып, анан атышып ойнойт): **чимирилтүү** (оюнду кайсы жак баштаарын аныктоо үчүн сыйда таштын бир жагын «**кургак**», бир жагын «**суу**» деп атап, анан аны чимирилтип, түшкөн жагына карай оюн баштоо); **тизеге коймой** (чаканды тизеге коюп атуу фазасы), **көрөңгү** (оюндун өөрчүш бир фазасында утукту көңүлдө деп эсептөө); **көр өгүз** (оюнда чаканды тигүүнүн бир жолу); **көмөч** (чакандын бир башын жогорулатуу үчүн алдына жыгач, таш коюу); **кават** (чаканды кабаттай коюу); **беш урмай** (чаканды атуу фазасы) ж.б. сөздөр айтылат.

Ал эми Памир жакта «**чакмак таш//беш таш//топ таш**» ойнунда төмөнкүдөй фаза аттары бар: **кәл эчки** (таштарды терип алуунун бир фазасы); **беш эчки** (уттурган жакты жазалоонун бир түрү); **утуру–тетири** (таштарды оң – тетири кылып терип алуу фазасы); **козу** (таштарды терүүнүн дагы бир түрдүү фазасы); **түндүк** (таштарды салаадан бирден айдап киргизүү фазасы); **орow, кичине орow, чоң орow** (фаза аттары) ж.б.

Баткен жакта ушул эле оюндун башкача аттары бар. Алар төмөнкүлөр: **кәттә көңнәри** (эки ташты жогору ыргытып, алар ылдый түшкүчө жердегилерди шыпыруу фазасы); **тоок** (бир ташты жогору ыргытып, ал ылдый түшкүчө жердегилерди сөөмөй менен бармакты бүрүштүрө коюп, ошондон өткөрүү фазасы); **гуву** (өйдө көкөлөткөн таш ылдыйлагыча сол колдун манчаларын тике чуштуйта коюп, алаканга жердеги таштарды бирден терип алуу фазасы); **кыргыз үй** (салааларын жерге тике коюп, арасынан таштарды бирден киргизүү фазасы); **көпүрүк** (төрт манчаны жерге жалпак коюп, таштарды андан бирден өткөзүү фазасы); **бөөрү пут** (манчаларды кайчылаштырып, андан таштарды өткөрүү фазасы); **нан үздү** (колдун аркасы менен жер таптап таш терүү фазасы); **нан жапты** (үч ташты жогору бургап, экинчи колго алакан басуу фазасы); **суу септим** (ташты жогору бургап, анан жерди басып, кайра экинчи колго таш өткөзүү фазасы); **илей** (таштарды колдун аркасынан алдын көздөй илип алуу фазасы); **жеке аш** (бир ташты жогору ыргытып, калганын имерип алуу фазасы); **дүкү–дүк** (ыргыткан ташты илерден мурда жерди таптап бир коюп, анан алуу фазасы); **сыйыр саады** (сөөмөй менен жер сыйпап, анан ташты илип алуу фазасы) ж.б.

Этнографиялык диалектизмдердин көп учурда адабий тилдеги эквивалентин табуу да кыйын. Бул өндүү сөздөр, эгер ылайык келсе, келечекте өз аттары менен гана аталып, жалпы элге тароого мүмкүн. Этнографиялык диалектизмдердин ичинен адабий тилдеги жалпы түшүнүктү берген сөздөрдөн дифференцияланган конкреттүү ысымдарын да табууга болот. Мисалы: «**ысырыктын**» Баткен жакта «**талаа ысырык, арча ысырык**» деген түрлөрүн; «**эндин**» Өзгөн, Жерге – Тал тараптагы «**алдынан оймо, баканча оймо, көнөчөгүнөн тилме, бүрүш эн, дык эн, тумарча эн, шара тилик, жалгыз гез, жүрөк эн, учу гез, кош чек**» деген аттарын; жемиш өсүмдүктөрүн кыйыштыруунун «**найча// нәйчә пайвант, күндө пайвант, мискәнә пайвант**» деген ж.б.түрлөрүн келтирүүгө болот.

Этнографиялык диалектизмдер тематикалык жактан көп көп сөздөрдүн тобунан учурайт.

Лексикалык, анын ичинде этнографиялык диалектизмдердин тобунда **кесипчиликке байланышкан** сөздөр өзгөчө орунда турат жана өзгөчө мааниге ээ болот. Диалект, говорлордо алиге чейин жалпы адабий тилде сүйлөөчүлөргө, жазгычтарга белгисиз болгон өзүнүн лексико – семантикалык өзгөчөлүгү менен мүнөздөлгөн өтө көп сөздөр жолугат. Мисалы: дыйканчылыкка карата: **чикәндә** (узун өскөн пахтанын учун үзүп таштоо, антпесе түшүмгө зыян келет); **чинек** (гүлү соолуп жетилбей калган жашылча); **чилдик жүзүм** (жүзүмдүн бутагынан кесип тигилген көчөт); **чоодана** (жийденин чоң – чоң мөмөлүү сорту); **ак нават, бәщәк чоок** (коондун түрлөрү); **чөмөк** (жүгөрүнүн мардеги); **шак мала** (бутак – карагандуу тал, чырканактан жасалган мала); **чүрвөөкү** (жүзүмдүн өнү ак бир түрү, сорту); **чукума//чукулама жаңак** (жаңгактын бир түрү); **эшек алма, ыстакан алма, орус алма** (алманын сорттору); **чүйүр** (данды калбырдын бир түрүнө салып тазалоо); **чигит** (өрүктүн бир түрү); **чавек** (чала оролгон пилла); **көк чигит, кара чигит, ак чигит, мас пахта, лента пахта, пүштү пахта, жайдары пахта, мәлә пахта** (пахтанын сорттору); **чучук** (тамекилердин майдаларын

илип койгуч); **чакмак** (дарбыздын бышкан – бышпаганын билүү үчүн үч бурч кылып салынган оюк – кесик); **побел** (күрөктөп жер айдоо); **ырсай** (буудайдын бир түрү); **әгәт** (пахта, жүгөрү ж.б. айдоо аянттарындагы ичке арыкча) ж.б.

Токуучулук, саймачылык, узгерчилик, кийиз – килемчиликке байланыштуу сөздөр: **кыйкым** (кездеменин кесиндиси); **чөwлөшмө** (кездеменин бир түрү); **авайы үртүк** (үртүктүн бир түрү); **сылан шайы, күм шайы** (шайынын түрлөрү); **кытай шак, жийде гүл, пат гүл, жарты шак, кырк шак, кымкап көчөт, гүл кеште, комуз тил, чуутма, мәскүвә чет, булбул чечме, оймок ажары** (көчөт, сайманын түрлөрү); **тикек//дикәк** (ат жабуунун бир түрү); **чармап** (ычкырдын учуна чыгарылган кооз чачы); **чындоо** (килем токууда жиптерди керип даярдоо); **чүйкө** (эришти чындагандан кийин жыйылып алынганы) ж.б.д.у.с.

Жогоркудай **кесип сөздүрүн** чогултуунун практикалык, таанып билүүчүлүк мааниси бар.

4. Семантикалык диалектизм. Кыйла учурда жер – жерлерге бирдей тыбыштык түзүлүштө тараган сөздөрдүн берген маанилери боюнча айырмалар жолугат. Албетте, алардын тарыхый – лингвистикалык себептери ар түрдүү. Андай сөздөрдүн тобу кээде «**маанилик диалектизмдер**» же «**мааниси боюнча айырмаланган диалкетилик сөздөр**» деп да аталып жүрөт. Мисалы: **чуу басар** (I. куда – сөөк болгондо адегенде бир аз жолун кылып, куданын алдына сый – сыпат менен баруу; 2. комуз күүсүнүн аты); **жүз баш** (I. жүз ууктуу боз үй; 2. жүз адамдын башчысы; 3. арабанын ийилген шадысы бар жапма түрү); **ээк** (I. анатомиялык термин; 2. чикит чабуу ойнунун бир фазасы); **эмчек** (I. анатомиялык термин; 2. чикит ойнунун бир фазасы); **жап челек** (I. өзү үчүн салып ичкен бозо; 2. үйүнөн даам бербеген адам); **жем челек** (I. ит аяк; 2. бою кичине адам); **чозмо** (I. рагатка; 2. май токочтун бир түрү); **чүлү** (I. ысык сууга салынып жибитилген өрүк; 2. өрүк компот); **чытыг** (I. өсүмдүктүн бир түрү; 2. карта сйнундагы майда чыбырлуу келген өндүүсү) ж.б.

Сөздөрдүн маанилеринин эскирип же жаңырып, кеңейип же тарып турууга ийкемдүү келгендигинен улам доорго, заманга жана тарыхый шартка, социалдык – лингвистиаклык себептерге, территориялык чөйрөгө жараша семантикасында жылыштар болот. Албетте, алардын семантикалык жылыштарынын ареалын мезгил жана мейкиндик жактан азырынча өтө так берүүгө мүмкүнчүлүк болбой жатат, бул бир чети маселенин өтө татаалдыгынан болсо, экинчи четинен бизде лингвистикалык географиянын кулач жайып өнүгө электигинен болууда.

Семантикалык диалектизмдерге диалект жана говордо өзүнүн баштапкы маанилеринин бирин, номинативдик түшүнүгүн экинчи бир сөзгө өткөрүп берген же архаикалык, же жаңы маанилик оттенкага өтүп кеткен сөздөр да кирет. Алсак: **чүлүк** (I. кайыңдан жасалган тегерек того; 2. чакчоонун тегерек кайышы; 3. торпок, өгүздүн мурдуна өткөрүлгөн тегерек жыгач. Мунун үчүнчү мааниси гана жалпы элдик тилде сакталып калган); **шак** (I. бутак; 2. мүйүз; 3. уруунун бир тарамы. Мунун 2, 3 мааниси Заамин районунда учурайт); **чөкө** (Жети – Өгүздө "**лагман, ашлампу жей турган ичке таякча жыгач**"; 2. Талас жакта "**бир тесте отун, куурай**"; **чорт** (I. түндүк говорлордо

«**кырс**» деген мааниде; 2. Баткенде «**жылкы оорусунун бир түрү**»); **чокума** (I. түндүк говорлордо «**чокуй турган нерсе**»; 2. Жерге – Талда «**илгерки мылтыктын бир түрү**»); **чывыт** (1. майда чыбырлуу жер; 2. Баткенде «**уялып бети кызарып, өйдө карай албай калуу**"); **чыгырык** (I. түндүк говорлордо «**чарык жиптин жип түйүүчү тоголок жыгаччасы**»; 2. Памирде «**арабанын кичине дөңгөлөгү**»; 3. «**кочкор койду куубас үчүн белдик кылып тартылган кайыш же резина**»); **чивек** (I. Өзгөндө «**начар, арык адам, мал**»; 2. Жерге – Талда «**алгыр, кыраан**»); **эне** (I. Жаңы – Жолдо «**көлгө түшмөй**» **ойнунда балдарды коруган персонаж**»; 2. Сузакта «**пилла куртунун эң чону**») ж.б.

Жаңы мааниде колдонулган сөздөр да бар: **чыканак** – кернейдин бири – бирине кийиштирилген бурч жери; **ак чырак** – электр лампочкасы; **көтөрө** – дүң соода; **чыңгырык** – конгуроо ж.б.

5. Фразеологиялык диалектизм. Диалект, говорлордо жалпы элдик тилге тарабаган, региондук мүнөзгө ээ болгон фразеологиялык диалектизмдер көп табылат. Мисалы: **лацазы сөксөwүлдүн чогундай** (сөзү курч); **лаку–луку сөз** (маанисиз кеп); **кычыма киши** (чыр); **кыш очогу тар** (кыштын күнү суук болот, ага ишенүүгө болбойт); **кысыр аңгеме** (маанисиз сөз); **орто жери ток, эки колу шок** (карды ток, капарсыз); **кыска тарт** (ыйлаба, токто); **кырчоо байлаар** (турмушка чыгуучу кыздын үйүн жасалгалаганда берилүүчү согум); **кеч пышар кара кыркма** (коондун бир сорту); **кокуй кыргыз** (сөздү бетке түз айткан кыргыз), **кызыл казан** (көпчүлүк үчүн ортодон даярдалган ысык тамак), **кыз тандамай** (1. оюндун бир түрү); **кыз ойготоор** (I. оюндун бир түрү; 2. күйөө тараптан кызга берилүүчү сый, белек); **кыз чыгаруw** (кызды турмушка чыгаруу); **солто күү** (күүнүн бир түрү); **күрткү бузар** (сорпого суу кошуп даярдалган суусун); **кыргыз күрөш** (жамбашка, тизеге алып күрөшүүнүн түрү); **күн талаш** (керели кечке атты отко койбой суутуу); **күнгө багар** (өсүмдүктүн аты); **күйөw таңмай** (нике тоюнда өткөрүлүүчү оюндун бир түрү); **улоо кайып** (азоо); **ийне түймө** (төөнөгүч); **баш каккан** (бышыккан, кексе); **улоо бели бек** (көч аман – эсен); **бука тартыш** (оюндун аты); **шуту жок** (угутсуз, өтүмсүз); **жайдак базар** (ээн жердин базары); **дыйкан болсоң – шүдгәр кыл, окуwчу болсоң – такрор кыл** (жер айдап бак, сабак жатта); **жем түшүрдү** (бүркүт, куш аңга умтулду); **кара жастык** (эри өлгөн аял); **уактысы чак** (көңүлү көтөрүңкү); **эшен чай** (өсүмдүктүн аты); **ат чабыш** (күүнүн аты); **ала чагыр** (бүркүттүн бир түрү); **кара чавык** (жашылчалардын биринчи отоосу); **кызыл чавыр** (кар, топурак аралаш жааган жаан) ж.б.д.у.с.

Албетте, эл оозунда фразеологиялык диалектизмдер жыш жолугат. Кулак уга элек, кагаз бетине түшүп, көзгө уруна элек не бир кызык, не бир сонун учкул сөздөр, идиомалар, макал – лакаптар, сөз айкалыштары көп кезигет. Аларды чогултуунун, изилдөөнүн, алгылыктууларын жалпы элдик тилге, адабий тилге жайылтуунун чоң мааниси бар. Буга стилге байланышкан диалектизмдерди да кошууга болот.

Өзгөчө бизге ичкилик (түштүк – батыш) диалектисинин фразеологиялык байлыгы азырынча азыраак гана маалым. Ошон үчүн бул жерде ошол диалектилерге тараган макал – лакаптардан санат, учкул сөздөрдүн бир канчасын тизмелеп көрсөтөйүн: I. **Сары ат жакшы сатарга, сары май жакшы татарга**; 2. **Алыстан караан көрүнсө – аргымак жетет жүгүрүп, барыш–**

келиш кылвасаң ага–ини кетет түңүлүп; 3. **Кептеркана дүйнүйө толуп кетип баратат, бири учса бирөwү конуп кетип баратат**; 4. **Атаң карыса кул кылва, энең карыса күң кылва**; 5. **Мәәнилүw гәптәр – китәптә, бәрәкә бар нысапта**; 6. **Жолду керте баспастан жорго кетип баратат, суктандырган сулуw кыз ол да кетип баратат**; 7. **Бакырчактын бары жакшы, бакырып койсо да жакшы**; 8. **Жамбынын жайы гүл бакта, жалган айтпа эч вакта, илим алып иш кылгын, пайдасы тийер бир вакта**; 9. **Туман келет жер менен, ылайдын иши бел менен**; 10. **Кар эрисе суw болот, карыса сакал куw болот**; 11. **Мергенчини чуркаткан беш карыш теке уw болот**; 12. **Жалындуw жаштык кезинде, жазгы сuwдай ташкында**; 13. **Пайдасы жок үмүткө севеви жок кайгырва**; 14. **Ашык болгон адам акын болот**; 15. **Ыргытса ыраак таш кетет, токтовой жашка жаш кетет**; 16. **Желеде кулун жетилсе, аргымак бедөw ат болот**; 17. **Жылаңачка тон бервей атласты кантип кийесиң, ач калганга аш бервей тамакты кантип ичесиң?**; 18. **Пейли кеткен пенденин казанынан аш кетет**; 19. **Кайраты бар жигиттин көкөйүн кескен жок болот**; 20. **Ата көргөндүн артындан жүр**; 21. **Уw кылыштын увагы бар, уактысыз чыксаң увара болорсун**; 22. **Акылдуw жигит бек болуп, ааламды сурайт кат менен**; 23. **Жумуш кылсаң өмүрдө акырыны ойлоп кыл**; 24. **Арып бир чарчап сен келсең, ак тумшук эшек ат болот; ач калып арып сен келсең, кам сагыра кант болот**; 25. **Сен дегениң семиз сөз, сиз дегениң сылык сөз**; 26. **Улар улактын гөшүнү кылат, тоwдок токтунун гөшүнү кылат**; 27. **Тоwдок атпай, токту аткан мерген**; 28. **Чыгаса бовой, киреше бовойт**; 29. **Ийри казыкка кыйшык токмок**; 30. **Мал мандайга бүтөт, эгин турпакка бүтөт**; 31. **Мал тапкычаң, эсеп тап**; 32. **Жаман адамдан жаман үн, жаман үйдөн жаман түтүн** ж.б.д.у.с.

Жергиликтүү реалийди баяндаган диалектилик сөздөр жергиликтүү турмушту, жергиликтүү тарыхый колоритти баяндап берип, көркөм чыгармалар аркылуу келечекте жалпы элге таанылышы мүмкүн. А балким, жалпы элдик тилге сиңип, ошол бойдон өмүр сүрүп кетиши да ыктымал. Деги кандай болсо да, жергиликтүү реалийди билдирген сөздөр эл сөзү болуп, элдин турмуш – тиричилиги, тарыхы менен киндиктешип жашап келген. Аларды «**диалектилик**» сөздөр деп жерий бербестен, көркөм чыгармаларда аларга кандай мамиле кылып, кандай колдонуунун зарылчылыгы бардыгын билүү да ары кызык, ары орундуу сөз болор. Аны айтуудан мурда реалийлерди билдирген сөздөрдү өзүнчө лексикалык категория катары карап, предметтик принципке ылайыктуу топторго бөлүп, көз жүгүртөлү. Алар төмөнкүлөр: I) **турмуш–тиричиликке байланышкан реалий сөздөр**:

а) кулинарияга тиешелүү түшүнүктөрдү берген реалий сөздөр: **оромо** (тамактан аты), **чийдем** (чалаптын бир түрү); **хордо** (күрүч, эт салынып жасалган тамак); **чагар** (айранга суу кошкон суусундук); **мачорогон** (камырды майда томолоктоп сүткө бышырган тамак); **чаваты** (тамактын аты); **шырман //шырмал нан** (нандын бир түрү) ж.б.д.у.с.;

б) чарбачылыкка тиешелүү реалий сөздөр: **чэпэрэ** (жыгач, чырпык, тал, чырканактан кармалган тосмо); **чавара//чавра** (огородго айланта кармалган тосмо); **хужан алма** (өңү кызыл, ширин алманын бир сорту);

хотән (айланасы шык менен кармалган короо); **көлдөлөң** (пахта жөөгүнүн топурак үйүлгөн туура жагы); **хәрәм** (тегирмендин кулагын көтөрүүчү буюм); **хатаң** (моюнтурук менен чийнени байлаштыра турган жип); **гөмө чавык** (жүгөрү, картошканы түптөй отоо); **чәкәнкә** (пахтанын узарган учун жулуу); **чапарек** (тосмонун жыгач эшиги); **чанак** (тегирмендин бир деталынын аты); **шор алма** (алманын бир түрү); **кантек өрүк** (өрүктүн бир түрү); **шалпайа** (күрүчтүн паясы, сабагы); **шак** (майда арык); **шәфиги алма** (алманын бир түрү); **әнжир шаптолу, гайнолу шаптолу, хасек шаптолу, чилги шаптолу, конок шаптолу, загар шаптолу, жылаңач шаптолу, айлар шаптолу, ат туйагы шаптолу, ак шаптолу; өрүк шаптолу, лүчәк шаптолу** (шабдаалынын түрлөрү); **сары әнжир, кара әнжир, кавак әнжир, кадата әнжир, чәплә әнжир** (анжир жемишинин түрлөрү); **чек//чок** (малга өзүнүн жүнүнөн кыркылбай коюлган белги); **үрөл** (20 – 30дан багылган мал тобу); **үйүр** (өзүнчө топ болуп багылган жылкы); **бөөн тыт, кашеки тыт, уруктуw тыт** (тыттын түрлөрү); **урма кулак суу** (эгин сугаруу үчүн чоң жыгылган суу); **төwчү сәрвән** (төө багуучу адам) ж.б.д.у.с.;

в) кийим–кечек, кооздук, үй жасалгалары ж.б. тиешелүү реалий сөздөр: **терме таар** (буга: **тогуз дөвө, ит таман, чөмүч сабы, казан кулак, оймо гажары, ат туйак, эргер каш, үч көз, кой көз, кекилик көз, тайлак таман** атттуу оюу, көчөт салынат); **тосток таар; чавын чеке** (көчөттүн бир түрү); **хумек, пәйчеки** (бут кийимдин түрлөрү); **түргөн бөрк** (тебетейдин бир түрү); **чавут** (чач учтуктун бир түрү); **чайкама** (ак кирлердин өңүн көк чаңгыл кылып боёо үчүн колдонулуучу көк боёк); **он бир чәәрәлик оромол** (110х110 см. келген «**жүнәй**» жоолук); **он эки чәәрлик оромол** (120х120 см. келген «**жүнәй**» жоолук); **он чәәрәлик оромол** (100х100 см. келген «**жүнәй**» жоолук); **тогуз чәәрәлик ормол** (90х90 см. келегн «**жүнәй**» жоолук); **чачпәпик** (чач учтуктун бир түрү); **тор чач** (кооз жасалган тердик); **чокой чарык, ак чокой, жаркен чокой, кийиз чокой, мөкү чокой, орус чокой, тайпак чокой, тилме чокой, үйүрмө чокой, чанач чокой, чарвакча чокой, чоро чокой, шырма чокой, пәчәки чокой, кашкар чарык** (чокой – чарыктын түрлөрү); **мончок чапчак** (мончоктун бир түрү); **чапкыруун билерик** (билериктин бир түрү); **урумча чапан, нойгут чапан, талаа чапан, кымча чапан, желек чапан** (чапандын түрлөрү); **чалгай** (тондун алдыңкы бөлүгү); **чалыш алчу** (килем согууда колдонулуучу буюм); **төтөгө чачы** (кооздуктун бир түрү); **чөкү таш** (осмо коюу үчүн жумуруланып жасалган ичке таш); **ызгыт** (өтүк, маасынын кончунун кошулган жерине чычылбас үчүн тигиле турган ичке кайыш) ж.б.д.у.с.;

г) үй курулуш, үй буюмдары, идиш–аяк ж.б. тиешелүү реалий сөздөр: сык (шиш кебек бышыра турган ичке темир); **өжүрө** (дан сактоочу үй); **гәнжәк** (майда – чүйдө сактоочу кичине үй); **өрө кийиз** (түр салынбаган кийиз); **кәркән//чөкүч** (бир жагы учтуу чукулдук); **кой чагыр** (мылтыктын бир түрү); **чәвәдән** (курут жайып кургатуучу нерсе); **чаш** (чоң көздүү калбырдын бир түрү); **чатыр** (балык жон кылып жабылган үйдүн төбөсү); **чарчөп//синч** (тамдын астыңкы жээгине коюлган жыгач); **сәрәп** (дубалдын үстүңкү кырына коюлган жыгач); **чарпайа** (төрт буттуу жыгач сөөрү); **гүп челек** (челектин бир түрү); **чаркый** (идиштин бир түрү); **чаркы** (кичине

поднос); **чаркап** (көң чөмөлө); **чарк** (тегирмендин бир деталынын аты); **чарап** (чоподон жасалган табак); **чара** (бычак жаный турган кайыш); **чалтек** (бир нерсеге сүт куюп, аны асып кое турган буюм); **ывасажуп** (торсундун аралыгына тизилчү жумуру сымал жыгач); **шыпшыргы** (кулпу сала турган темир); **шәмшәрт** (бычактын бир түрү); **үчүлүк** (үч ача айры); **үчүк** (боз үйдүн уугунун үстүнө жабылуучу кийиз); **үргүч** (эшиктин илгичи); **үңгүл баш** (эки жагы тең керки аспап); **учма** (өрүктүн бир сорту); **пакса үй, уйума там, кара үй, кавыргалуу үй** (үйдүн түрлөрү); **арка үзүк, төркү үзүк** (боз үйдүн үзүктөрү); **үзөңгүлүк** (бут кийимдин үзөңгүгө туш келчү жери); **такак** (эшиктин ичинен тиреп коюучу жыгач) ж.б.д.у.с.;

д) географиялык жана табийгаттык кубулушка тиешелүү реалий сөздөр: **кызыл чавыр** (кар, кызыл топурак аралаш жааган бороон); **чават** (дөң сымал келген жер); **кыңыр** (жөлөңкөрөөк келген жер); **чаткал** (тоонун кең, чат жери); **ызгырык** (кыбла тараптан согуучу катуу шамалдын аты); **шырдаң** (бийик жалама тоо); **шыргалаң** (муз аралаш аккан суу); **шортоң** (шору көп жер); **шоро** (чопо, таш аралаш учураган жер); **кара шоро** (майда адырмактуу, чөбү калың, чыктуу жер); **шапада** (мелүүн жел); **шапшаал** (зоолуу татаал тик кокту); **шандоw** (зоонун эң бийик кылда чокусу); **учурма** (кыштын күнү кесилген карагайды ойго карай учуруу үчүн оңтойлоп даярдалган жер); **улуw тоw** (эң бийик, чоң тоо); **улуw кар** (көп жааган терең кар); **улуw суw** (терең чоң дарыя); **сулуw чат** (башкы чоң чат); **тыталама** (тиш – тиш болуп калган арсайган зоо); **тына** (айдалбаган дың жер); **түнкөй** (таңдын агара башташы); **түвөк** (эки жагы дөң, ортосу ой жер); **шилти** (арыктап, эчтеке өспөй калган айдоо); **шана** (түптүз, тегиз жер); **турук** (тоонун кептелиш жери); **тот** (кыштын күнү музду тээп, жайпап аккана суу) ж.б.д.у.с.;

ж) музыкалык инструменттер, күүлөр, оюндарга тиешелүү реалий сөздөр: **маңка торпок үйдө жок** (үчүм ойнунда айтыла турган сөз); **хыт–хыт** (чикит ойнунун бир фазасы); **хүжүмчү** ("**чуркат**" ойнунда жеңилген жак); **ховнәпәрәк** (биринин үстүнөн бири секирип ойногон оюн. Анын: «**жер, ашык, тизе, бел кырчоw**» аттуу фазалары бар); **көк бука** (оюндун аты); **бава чардак** (оюндун аты); **чап улак//шаа улак** (той – аштын алдында уюштурулган кичине улак тартышуу ойну); **эски шыңгырама, желдириме шыңгырама, аралаш шыңгырама, үлгү шыңгырама, төтөп шыңгырама, сыздама шыңгырама, салтанат шыңгырама, сал мойун шыңгырама** (күүлөрдүн аты); **шәвийәт** (оюндун аты); **шакек салмай** (оюндун аты); **шарк** (майрам учурунда уюшулган түрдө айтылуучу ыр – хор); **шап кетти** (оюндун аты); **шаңшыма тәйчи** (күүнүн аты); **хан талан** (оюндун бир түрү); **чәр–чәр** (оюндун аты); **хангыс** (оюнда аты); **ханәстән тәйчи** (күүнүн аты); **жетим үй** (тогуз коргоол ойнундагы бир үйдүн аты); **чавалакей** (оюндун аты); **төтөл кыз** (күүнүн аты); **уруп алды** (оюндун аты); **уруп атты** (оюндун аты); **упай** (оюндун аты); **ува–ува, карагул ботом** (күүнүн аты). ж.б.д.у.с.;

з) коомдук жана тарыхый реалийге байланыштуу сөздөр: **мураапы** (бирөөгө жардам берип, жөлөк болгон киши); **кары** (диний эрежелерди көп билген киши); **арпана, гәп, шерне//ширне** (чогулуп, аңгеме куруп, кезек менен кой – козу коюп, тамак жеш жөрөлгөлөрүнүн түрлөрү); **чәкә тамбас** (кымызды бир тамчысын калтырбай ичүү салты); **чәлийә** (үстү ачык салынган күмбөз); **эсир куйрук** (дарылык үчүн койдун куйрук майынан эки – үч жыл

бою унга көөмп коюу); **әдийә тавак** (мейман үчүн той учурунда өзгөчө жасалып тартылган табак); **ширкет** (алма, өрүк өткөрүп ала турган пункт); **шашбар** (илгери салгылашууда колдонулган чокмордун бир түрү); **шаң** (урмат көрсөтүлүп берилген сый белек); **чәчмә, гүп** (мылтыктын түрлөрү); **чәчиликана** (той учурунда азык – түлүк коюла турган үй, бөлмө); **кечил** (үйлөнбөгөн адам); **үчөм** (орозонун баш – аягында, ортосунда үч күндөн гана орозо кармоо жөрөлгөсү); **чоң үй** (илгери бир тукумдун балдарын башкарган үйдүн үй – бүлөлөрү); **ушур** (илгери эгин басылганда молдо адамдарга атайын бөлүнүп берилген дан/; **үч учук** /адамды учуктоонун бир түрү); **тонсуз уул** (негизги урууга башка жактан кошулган топ, айыл) ж.б.д.у.с.;

и) фольклордук, этнонимдик жана мифологиялык түшүнүккө, табу жана эвфемизмге байланыштуу сөздөр: гүлдүн энеси (чечек оорусу); **чәксә–пәксә** (сатиралык мазмундагы чыгарма); **лайлатулкадыр** (миф боюнча кээ – кээде асманда көрүнүүчү куйруктуу жылдыз); **товур** (этноним); **тейит, арык тейит, кара тейит, чапан тейит, чой тейит** (**уруw башы – уйгур тейит, нокто башы – чой тейит** — макал); **чал тейит** (этнонимдер); «**тейит журтум келгенде, теңселе келесиң, тейитим берген бүwдайды телпегине бөлөсүң, тейитим бүwдай бербесе, тентип жүрүп өлөсүң**» – элдик тамаша ырдан);

й) соода–сатыкка, өлчөөгө байланыштуу сөздөр: **чәксә** (6 кг. келген оордук); **әнжийән чейрек** (оордук өлчөөнүн анжияндык бирдиги); **үч нүнкүр** (18 кг. өлчөмүндөгү салмак); **урпуйа** (индиялык акча бирдиги); **тәнгә тыйын** (тыйын); **сары тыйын** (жез тыйын: **атым – Саалы, өнөрүм – сопу, Саалыда сары тыйын жок, сопунун соолуп турган маалы** — лакап); **тыйза, май тыйза, жармак тыйза, чыгач тыйза** (илгери Синьцзянда колдонула турган акча бирдиги); **ак тәнгә** (илгери колдонулган күмүш тыйын) ж.б.д.у.с.

Албетте, бул өндүү реалийлерди баяндаган сөздөрдү көркөм чыгармаларда болсун, же башка жазуу иштеринде, оозеки речте болсун башка бир сөздөр менен алмаштырууга мүмкүн эмес. Алмаштырып убара болуу да анча деле акылга сыйбыс, анткени алардын эквиваленти чанда – чанда табылбаса, табыла койбос. Реалий сөздөр географиялык, этнографиялык, музыкалык жана оюн аттары катары учурганда термин маанисинде да колдонулуп калат. Кээ бир реалий сөздөр мезгил жана орун жагынан төп келип калган учурларда да болот. Мисалы: **латыва//латипа** (мурундун таноосуна тагылуучу кооздук); **ләпкә** (ларек), **ләңзә** (пост) өндүү сөздөр Октябрь революциясына чейин колдонулуп, ичкиликтер гана диалектисине тараганын байкайбыз.

Кээ бир учурда реалий сөздөр да бир нече мааниге ээ экендиги сезилет. Мисалы: **мазар** (1. кандайдыр бир сыйына турган бак, таш, өзгөчө белгиси бар жер; 2. көрүстөн); **лооку** (1. шишик жоор; 2. жылкынын тамак оорусу); **кырпа** (1. сака; 2. жепен чүкө; 3. алчы – таасын жеген адам) ж.б.

Кайсы бир реалий сөздөр этноним, антропоним жана топонимдерге байланыштуу болушу ыктымал. Мисалы: **чыла кыпчак, товур кыпчак, лахачы** ж.б.

Реалий сөздөр жеке гана бир эле сөздөн болбостон, татаал аттардан да болот. Алсак: **кылжу жай** (этноним), **күвәләк дубал** (тоголоктоп жасалган, кесектен урулган дубал); **кызымек алма** (алманын бир түрү) ж.б.

Албетте, реалий сөздөр көркөм чыгармаларда колдонулганда, эгерде алар

тыбыштык жагынан адабий тилдин нормасынан өзгөчө болсо, анда транскрипцияланууга дуушар болот. Көп учурда реалий сөздөрдүн өзүн пайдалануу менен анын маанисин сыпаттай түшүндүргөн учулар да кезигет. Реалий сөздөрдү аныктоо үчүн ошол сөздүн семантикасын жана географиялык ареалын жакшы билүү керек. Айрым учурда стилдик бөтөнчөлүктөргө жараша алардын мааниси да өзгөрүп кетиш мүмкүн. Бирок бардык учурда эле (көркөм чыгармаларда) реалийлерди байкамаксанга салып, аны көрбөй, аны пайдалануудан кача бөрүү деле максатка ылайык келбейт, антиш мүмкүн эмес, анткени жергиликтүү турмуш – тиричилик баяндалганда, андай сөздөр колдонулбай койбойт.

Ал эми реалий сөздөрдү көркөм чыгармаларда орунсуз көп колдонуп, жыш пайдалана бергенде да чектен чыгып кетип, «балээге» калышка мүмкүн. Башкача айтканда, реалий сөздөрдү үстөккө – босток колдонуу – көркөм чыгарманын түшүнүктүүлүгүнө залал келтирип, окуучулардын кызыкчылыгына доо кетирип да коет.

Диалектилик сөздөрдү, анын ичинде реалийлерди көркөм чыгармаларда «колдонулбасын» деп эч ким айта албас. Себеби, анда утуштун ордуна утулушка гана барууга болот. Кээ бирде элестүү, так маанилүү реалий сөздөрдү экинчи бир бүдөмүк маанидеги сөздөр менен алмаштырып, чындык жактан да, көркөмдүк жактан да мүчүлүшкө учурап, жергиликтүү колоритти суйдандатып, окуучунун түшүнүгүнө кандайдыр бир толук кандуу баяндоону бере албай калышы да мүмкүн. Кыскасы, көркөм чыгармачылыкта башка сөздөр менен бериле албай жергиликтүү колоритти баяндоочу түшүнүктөгү сөздөр «**реалий**» деп аталып, көбүнчө адабий чыгармалардын лексикалык каражаты катары талдалып, диалектологиялык изилдөөдөн көрө адабий тилдик изилдөөгө көбүрөөк жакын. Ошентсе да жазуучулар, көркөм чыгарманы окуучулар диалектилик сөздөр менен катар реалий сөздөрдүн жакындыгы бар экендигин байкашсын үчүн бул жерде атайын сөз козгой кеттик.

x x x

Диалектологиялык сөздүктүн түзүлүшүндө реестрдик сөздөрдү түшүндүрүү жана уяга (вокабулга) чогултуу принциби, мисаларды берүү тартиби, сөздөрдүн маанилерин ачуу жолу, омонимдерди жана сөздөрдүн морфологиялык касиетин туюндуруу ишинде академик К.К.Юдахин тарабынан жүзөгө ашырылган «Кыргызча – орусча сөздүктүн» (1965) үлгүсү негизге алынды. Э.Абдулдаев менен Д.Исаев тарабынан редакцияланган «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнүн» (1969) жоболору да көңүлдө болду. Ошону менен бирге тектеш жана тектеш эмес тилдер боюнча жарыяланган сөздүктөрдүн тажрыйбасы да ("Казак тилинин диалектологиялык сөздүгү", 1969; «Башкорт пейлештэренең һүзлеге», I, II том, 1970; Татар тилинин диалектологик сүзлек», 1954; «Азербайджан дилинин диалектол лугати», 1964; орус тили боюнча жарыяланган «Псковский областной словарь», 1967 – жыл өңдүү ж.б. бир кыйла сөздүктөр), практикасы да эске алынды. Лексикалык дублеттер башка – башка берилди.

Албетте, бул сөздүк кыргыз диалектилеринин, говорлорунун бүт

өзгөчөлүгүн чыпчыргасын калтырбай камтыды деп айта албайбыз. Себеби, биринчиден, бул иш кийинки жыйырма жыл ичинде гана колго алынып, убакыт аздык кылды, экинчиден, көп жерлердеги (Афганистан, Синьцзян; ал гана эмес Өзбекстандын Фергана, Казакстандын Аягуз райондору тарабындагы кыргыз говорлору боюнча материалдар жокко эсе) бөтөнчөлүктөр алигиче изилденбеди. Ошондуктан, табийгы түрдө кыйла сөздөр али сөздүктөн орун албай кылышы ыктымал. Сөздүккө (азыркы түшүнүк боюнча) адабий тилдин лексикасы болуп калды деген кайсы бир сөздөр да (тарыхый лингвистикалык географиянын принциби менен алганда белгилүү бир географиялык изоглоссалык мүнөзгө ээ болгондуктан, лингвистикалык ареалдын фактысына жата тургандыгынан) киргизилди. Алсак: **үкөк** деген сөз адабий тилдин лексикасы болуп эсептелсе да, ал ичкиликтер диалектисине, ал гана эмес түштүк – чыгыш диалектисине да тарабай, мурунку мезгилде түндүк диалектиде гана колдонуп келгендигинен, ошондон улам ареалдык мүнөзгө ээ болгондугун белгилөө үчүн сөздүккө кошулду. Же болбосо **тентек** деген сөздү алалы. Бул сөз түндүк говорлордо орусча «**шалун, озорник**» деген мааниде болсо, Баткен тарапта «**бесноватый, душевнобольной**» деген мааниде учурайт. Ошондой эле: **эргилчек, эңиш, ыстампул, ырбай, шалча, ашкана, атайы, ысык, эвей** деген өндүү сөздөр бир диалекти, говордо ушул түрдө тараса, экинчи бир диалект, говордо: «**эргенчек, эңишме, ыстампул, ырмай, чалча, аштан, адейи, ызык, эвегей** («**эвер**») деген өндүү түрдө тараган. Демек, бул өндүү диалектилик мүнөздөгү сөздөрдүн ареалына көңүл буруу үчүн аларды (толук жана дайыма болбосо да) **белгилүү өлчөмдө сөздүккө киргиздим.**

Бирок, кымбаттуу окуучулар, сөздүктү пайдаланууучулар, Сиздер сөздүктөгү пометаларды көрүп, бул же тигил сөз ошол жазылып алынган гана райондордо колдонулат экен деп ойлобонуздар. Ал сөздөр башка бир жерлерде ошол эле мааниде же башка бир оттенкада да колдонулушу толук ыктымал. Мен пометаларды, сөздөрдү кайдан жазып алгандыгымды жана алардын **диалектилик мүнөзү бар экендигин гана белгилөө үчүн көрсөттүм.** Аны кандайдыр бир объективдүүлүктөн четтегендик жана көп жерлерге мүнөздүү нерсени бурмалап бир говорго таандык деп көрсөтүптүр деген ойдо калбоонорду, окурмандар, Сиздерден өтүнөм.

Менин оюм – говордук лексикалык бөтөнчөлүктөрдүн болгонун болгондой көрсөтүп, тарыхый объективдүүлүк принцибин сактап, келечекте илимий туура пикирге келүү. Албетте, жалпы элдик лексикалык окшоштуктар говордук, диалектилик сөздөргө караганда алда канча басымдуу орунга ээ. Жалпылык көп, бирок айырмачылыктар да бар. Анын себеби, менимче, төмөнкүлөрдө: 1. XX к. 20 – жылдарына чейин кыргыз элинде өнүккөн улуттук жазма адабий тил бутактап гүлдөй албай, элдин социалдык – саясий турмушунда патриархалдык – уруучулдук жана феодалдык мамилелер өкүм сүрүп, ошого жараша саясий – экономикалык, территориялык – административдик консолидация күчөбөй, бирдик болбой, демек диалектилик дифференциялык процесс ыкчамдап, бири – биринен алыстоого баш коюп калгандыгында; 2. эне тилде говордук, диалектилик өзгөчөлүктөрдү жоюуга шарт болуучу факторлордун: окуунун, басма сөздөрдүн, агартуу иштерин

эне тилде жүргүзүүчү кадрлардын ж.б. жок болгондугу диалектилик өзгөчөлүктөрдүн «ээн баштык» менен күчөшүнө өбөлгө болгон. Аларды көрсөтүүдө кандайдыр бир бөлүп – жаруучулук болбоого тийиш.

XX кылымда, так айтканда, советтик доордо кыргыз эли саясий – экономикалык, территориялык – административдик жактан баш кошуп, диалекти жана говорлор ортосундагы ажырым процесси токтоп, консолидациялык процесс күчөдү. Ал процесс кашаң, жай жүрбөстөн, тез, ыкчам абалда жүргөндүктөн, диалектилер ортосундагы биригүүлөр, жалпылыктар күч алып чыга келди. Бул, шексиз, оң мүнөздөгү прогрессивдүү көрүнүш.

Азыркы кезде диалектилик жалпылыктардын тездеп цементелип бара жатышына XX к. кыргыз элинин турмушундагы саясий – экономикалык, маданий жана граждандык тарыхындагы социалдык – психологиялык чоң өзгөрүүлөр, өндүрүштүк жаңы мамилелер өндүү ар кыл факторлор күчтүү таасир кылууда. Буларды биз диалектилик талдоолорду жүргүзгөндө, албетте, көңүлгө тутууга тийишпиз.

Кай бир жолдоштор жергиликтүү сөздөр кандай шарттарда колдонулары жана алардын территориялык же этникалык өзгөчөлүктөргө жата тургандыгы эске алынса болор эле деп каалоо кылышат. Албетте, бул каалоо жакшы нерсе, бирок биздин диалектологиялык илимибиздин азыркы өнүгүш этабында бул тилекти ойдогудай жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк боло элек, анткени бул же тигил өзгөчөлүктүн территориялык же этникалык көрүнүшкө жата тургандыгын кесе айтуу ары кыйын, ары татаал. Алар өз алдынча жеке изилдөөлөрдү талап кылат деп ойлойм.

Кээде бул же тигил сөздү укпаган, билбеген адам «бул сөз жок, айтылбайт» дей бериши да ыктымал. Ошон үчүн бул жерде мен китепке кандайдыр бир асмандан алынган сөз кирбегендигин атайын эскертким келет. Ар бир сөз адамдын оозунан чыккандыгы үчүн, байланыш куралынын кирпичи болгондугу үчүн гана жазылып алынып, кагаз бетинен орун берилди.

Сөздүктө алды менен реестрдик сөздөр берилип, анан алардын кайдан жазылып алынгандыгы, кайсы тарапта мүнөздүү колдонулары көрсөтүлүп, мааниси чечмеленет да, мүмкүн болгон жердин баарында мисалдар тиркелди.

Эгерде сөз жеке өз алдынча колдонулбаса, анда реестрдик сөздөн кийин (:) чекит коюлуп, анан сөз курамы, же идиома, же фразеологиялык айкалыштар берилип, андан кийин мааниси чечмеленди. Идиомалар (◊) белгиси менен көрсөтүлдү. Мисалдар үчүн жөнөкөй сөздөрдөн тартып, макал, лакап, табышмак, тилдик формалар бирилди. Керектүү жерде тарыхый же этнографиялык справкалар да жүйөлөндү, фольклордук жагынан кызыктуу материал деп эсептелген сөздөргө кыска мүнөздөгү хрестоматиялык тексттер да кошумчаланды (мисалы: **өлөң, бәдик** өндүү сөздөрдү караңыз). Элдик оюндар, күүлөр, саймалар, эн, тамгалар ж.б. жөнүндө да колдон келишинче толук маалымат берип, бардык диалектилик терминдерди киргизүүгө далалат кылдым.

Омонимдерди белгилөөдө рим цифрасы, сөздөрдүн маанилеринин кеңейишинин көрсөтүүдө араб цифралары колдонулду. Реестрдик сөздөр жана иллюстративдик материалдар бардык учурда кыргыз диалектологиясында кабыл алынган транскрипциянын негизинде жазылды.

Сөзүмдүн аягында ушул сөздүккө материал топтоого көмөк кылган бардык информаторлорго, ишти рецензиялаган жолдошторго, асыресе, сөздүктү түзүп жарыялоого дилгирликти көрсөткөн профессолор К.К.Юдахинге, маркум Б.М.Юнусалиевге, Х.К.Карасаевге, Б.Орузбаевага, А.Жапаровго, Т.Ахматовго, доценттер К.Дыйкановго, С.Иманалиевге, ст.окутуучу Ш.Жапаровго, ж.б. калемдештерге чын ыкласым менен көңүлүмдөгү ыраазылыгымды билдирүүнү милдетим деп эсептейм. Сөздүктү жарыкка чыгарууда, анын ишин тездетүүдө чоң көмөк кылгандардын ичинен проф. К.К.Юдахин, проф. Б.М.Юнусалиев, проф. Б.Орузбаевалардын ишин айрыкча бөлүп айткым келет, анткени бул профессорлордун демилгеси жана колдоосу болбосо, сөздүктү жарыялоо дагы кечеңдеп кетер эле.

Сөздүктү жарыялоо идеясын колдоп, аны турмушка ашырууда мүмкүнчүлүк беришкен академиктер: К.К.Каракеев, Б.Ж.Жамгырчиновго; Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору, проф. С.Т.Табышалиевге, терминкомдун мүчөлөрү: С.Чолоков, А.Сопуев, С.Орозалиев, Б.Аманалиев, М.Иманалиев ж.б. жолдошторго да ыракматымды айта кетишим зарыл.

Ж. МУКАМБАЕВ

ТИРКЕМЕ I

ТРАНСКРИПЦИЯЛЫК БЕЛГИЛЕР[1]

1. Реестрдик сөздөр жана сүйлөмдүн башталышы баш тамгалар менен жазылды.

2. Энчилүү аттар (этнонимдерден башкасы) да баш тамга менен жазылды.

3. Тыныш белгилери адабий тилдегедей колдонулду.

4. Йоттошкон тамгалар диалектилик сөздөрдө колдонулбастан транскрипцияланып берилди: **йа – я, йо – е, йе – е, йу – ю**.

5. Тил алдында жасалуучу ичке үндүүнүн кыска түрүн белгилөө үчүн **ә**, созулма түрүн белгилөө үчүн **ээ** тамгалары колдонулду.

6. Эринчил дифтонгуларды белгилөө үчүн **w** тамгасы пайдаланылды.

7. Эки үндүүнүн ортосунда жана уяң үнсүздөрдөн кийин **б** тыбышынын үнчүлүрөөк вариантын көрсөтүү үчүн **в** тамгасы алынды.

8. Көмөкчүл спирант тыбышты белгилөө үчүн **х̣** тамгасы колдонулду.

9. Башка тилдеги сөздөр кыргызча транскрипцияланып берилди.

10. Баткендик «**цайырцыларда**» калган диалект, говорлордогу **ч** тыбыш аффрикат **ц** тыбышы катары айтылат. Ошон үчүн **ц** тамгасы колдонулду.

11. Ичкиликтер диалектисинде байыркы созулмалар жолугат, алар да азыркы орфографиянын үлгүсү менен берилди.

[1] Жээмбай Мукамбаевдин "Сөздүгүнүн" эки чыгарылышындагы кыскартуулары жана транскрипциялары автордук вариантта берилди.

ТИРКЕМЕ II

I. ШАРТТУУ ТҮРДӨ КЫСКАРТЫЛЫП АЛЫНГАН ЖЕРЛЕРДИН, РАЙОНДОРДУН АТТАРЫ

акт.	–	Ак – Талаа району
ал.	–	Алай району
алб.	–	Ала – Бука району
алк.	–	Алай – Куу
ар.	–	Араван району
атб.	–	Ат – Башы району
базк.	–	Базар – Коргон жана Ленин райондору (Азыркы Ноокен району. — ред. К.К.)
батк.	–	Баткен, Фрунзе (Азыркы Кадамжай району. — ред. К.К.) райондору
баткч.	–	Баткендик «чайырчыларда»
жерг.	–	Жерге – Тал, Шаартуз райондору (Тажикистан)
жетг.	–	Жети – Өгүз району
жжол.	–	Жаңы – Жол району (Азыркы Аксы району. — ред. К.К.)
жумг.	–	Жумгал району
зам.	–	Заамин району (Өзбекстан)
какш.	–	Какшаал, Кашкар тарап
кар.	–	Караван району (Азыркы Аксы району. — ред. К.К.)
карс.	–	Кара – Суу району
кочк.	–	Кочкор району
кетм.	–	Кетмен – Төбө
кырг.	–	Кыргызстандагы кыргыздарда
кул.	–	Куланак тарап
нар.	–	Нарын району
ноок.	–	Ноокат району
өзг.	–	Өзгөн, Совет (Азыркы Кара – Кулжа району. — К.К.) райондору
өзбк.	–	Өзбекстандагы кыргыздарда
суз.	–	Сузак району
сүл.	–	Сүлүктү тарап
тал.	–	Талас өрөөнү
тоң	–	Тоң району
тторо	–	Тогуз – Торо району
түнд.	–	Түндүк райондору
түп	–	Түп району
түшт.	–	Түштүк райондору
тяныш.	–	Тянь – Шань тарап
Чүй	–	Чүй өрөөнү
ыск.	–	Ысык – Көл өрөөнү

II. ТИЛ, ДИАЛЕКТ, ЭМГЕК Ж.Б. КЫСКАРТУУЛАР

азерб.	–	азербайжан тилинин диалектилери
алт.	–	алтай тили
байт.	–	байыркы түрк тили
бард.	–	бараби тилинин диалектилери
башк.	–	башкыр тилинин диалектери
бкыпч.	–	байыркы кыпчак тили
бтэ.	–	байыркы түрк эстеликтери
ж.б.	–	жана башка
ж.б.д.у.с.	–	жана башка дагы ушул сыяктуу
к.	–	кара ("смотри")
каз.	–	казак тилинин диалектилери
карт.	–	караим тили
карб.	–	карачай – балкар тилинин диалектилери
карк.	–	каракалпак тилинин диалектилери
кум.	–	кумык тили
кырг.	–	кыргыз тили
ног.	–	ногой тилинин диалектилери
мак.	–	макал
МК.	–	Махмуд Кашгаринин «Девону луготит түрк» деген эмгеги
миф.	–	мифологиялык
монг.	–	монгол тили
өзб.	–	өзбек тили
өтм.	–	өтмө мааниде
сал.	–	салыштыр
сейр.	–	сейрек
таб.	–	табышмак
таж.	–	тажик тили
тар.	–	тарыхый
терг.	–	тергеме сөздөр
тув.	–	тува тили
тур.	–	турец тили (Түркия түрктөрүнүн тили. — ред. К.К.)
түрк	–	түркмөн тили
уйг.	–	уйгур тили
хак.	–	хакас тили
эск.	–	эскирген
//	–	параллель колдунулат деген белги
+	–	унгуга мүчө же сөзгө сөз кошулганда деген белги
=	–	барабар болгондо деген белги
>	–	... га деген белги
<	–	... дан деген белги

ТИРКЕМЕ III

СӨЗДҮКТӨ КОЛДОНУЛГАН ТАМГАЛАР

А а, АА аа, Ә ә, Ә Ә әә, W w, Б б, В в, Гг, Ғғ, Д д, Ж ж, З з, И и, Й й, К к, Л л, М м, Н н, ң, О о, ОО оо, Ө ө, ӨӨ өө, П п, Р р, С с, Т т, У у, УУ уу, Ү ү, ҮҮ үү, Ф ф, Х х, Ҳ ҳ, Ц ц, Ч ч, Ш ш, Ы ы, Э э, ЭЭ ээ.

СӨЗ БАШЫ

(Ондолуп, толукталып, экинчи жолу басылышына карата)

Кыргыз тили боюнча лексикографикалык иштер советтик доордо гана колго алынып, кыргызча – орусча, орусча – кыргызча сөздүктөр, түшүндүрмө сөздүк, орфографиялык сөздүк, сөздүк – справочник, терминалогиялык сөздүктөр жарыкка чыгып, ал турсун Кыргыз Советтик Энциклопедиясы түзүлүп жаткандыгы көпчүлүккө маалым.

Сөздүктөрдү түзүүнүн чыйыр жолу мындан 45 – 50 жыл мурун салынганы айкын. Ошондой эле 1972 – жылы "Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгүнүн" I тому жарыкка чыкты.

Сөздүктүн жарыкка чыгышы, өзгөчө кыргыз филологдорунун арасында кызуу талкууну пайда кылды. Талкуу СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик Университетинде, Кыргыз ССР илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун проблемалык илимий советинде, Академиянын Президиумунда, Кыргыз ССРнин элге билим берүү министрлигинин коллегиясында жүрүп, ага филолог, философ, тарыхчы, адабиятчы окумуштуулар, жазуучулар катышып, өз ойлорун айтып чыгышты. Талкуунун жүрүшүндө бул китептеги оң жактар менен бирге кээ бир кемчиликтердин орун алгандыгын баса көрсөтүштү.

Сөздүк жөнүндө басма сөздүн бетинде да бир пикир айткан же ага атайы көңүл бурган окумуштуулар (**1**) да болду. Ал пикирлер боюнча сөздүк, айрым кемчиликтерге карабастан, кыргыз тилинин проблемаларын изилдөөгө салым кошуп, диалектографиялык материалдар биринчи жолу системаланган.

Чынында эле кыргыз диалектилеринде, өзгөчө анын түштүк – батыш диалектисинде (**2**) кыйла эле өзгөчө көрүнүштөр сакталып калган. Аларга төмөнкүлөрдү мисал катары карап көрөлү:

1. **"Байыркы" деп аталган созулмалардын көрүнүшү.** Баткен – Лейлектен тартып, Жерге-Тал, Памирге чейинки аралыкта көп сөздөр байыркы созулма тыбыштар менен айтылат: **бөөрү, каары, аач, аалгы, тээри, аарык** ж.б. ушул эле өндүү сөздөрдүн составындагы толук созулмалар жарым созулмага өтүп бараткандыгы да байкалат. Бул кубулуш уйгур тилинин диалектиси менен ирандык халаждардын тилинде да кезигип, ал байыркы диалектилик белгилердин кеңири территорияларга таралгандыгы белгилүү болот. Төмөнкү фактыларды салыштырып көрөлү: уйг.**а:вг:z ~ æwrez** "суу төгүүчү чуңкур"; **а:вru: ~ авru...j**; **аĉ-а:ĉ** "ач"; **ап:па-а, а:ра ~ а'ра ~ а-ра – агра** (**3**) (II, 23 – 24 бб.); халаж. диал. **qõп ~ qŏп** "кой"; **вᾰš ~ ва'š** "баш"; **va (–а)т** "ат"; **va (–а)г** "бар"; **ви (–е) š** "беш" (**4**) ж. б. (94 – бет); кыргыз тилинин түштүк – батыш диалектисинен: **бааш ~ ба· ш**; **бээш ~ бэш; тоогуз ~ тогуз** [1] ж. б.

---

[1] Бул сыяктуу сөздөрдөгү созулмалар өзүнүн тыбыштык абалы, даражасы, сапаты жана узактык касиети жагынан кыска үндүүлөрдөн кескин айырмаланат. Ошондуктан аны экспрессивдик, инфатикалык созулма деп ойлоо натуура сыяктанат. Ошондон улам профессор Б.М.Юнусалиевдин: " Кээ бир кыргыз говорлорунда, мисалы, Памир тоолорундагы говорлордо айрым изилдөөчүлөр учураткан фактылар биротоло тактала элек" деген пикирин ("Кыргыз диалектологиясы", 98 – б., 1971) аргумент катары кабыл алып, "байыркы созулмалар" жок деп эсептөө чындыкка коошпойт.

Кыргыз диалоктологиясынын тарыхы үчүн бул кызык көрүнүштүн себебин ачуу лингвистикалык кумарды пайда кылат. Немецтик түрколог Г. Дёрфер бул кубулушту "долгие гласные с движением тона", "дифтонгические долгие", "полудолгие гласные" деп атап, анын байыркы көрүнүш экенин белгилейт. Демек, буга караганда кыргыз тилинин түштүк – батыш диалектисиндеги байыркы созулмалардын орун алышы, пайда болушу жана трансформацияланышып жарым созулмага, андан кыскарууга өтүп бара жатышы, балким, тонго байланыштуу болушу мүмкүн деген ойду пайда кылат да, теориялык жактан чоң кызыгууну туудурат.

2. Дифтонгулардын пайда болушунда дагы бир өзгөчөлүк сезилет. Кыргыз тилчилери проф. Б.М.Юнусалиев (**5**), проф. И.А.Батманов (**6**), проф. Т.Ахматов (**7**), филология илимдеринин кандидаттары Э.Абдулдаев (**8**), Г.Бакинова (**9**) ж.б. диалектологдордун эмгектеринде сөз аягындагы дифтонгулар үндүү жана үнсүз [**г**] тыбышынан турган тиркемдин өзгөрүшүнөн пайда болгон деп түшүндүрүшөөр эле. Мисалы: **таг > таw > тоw > тоо; баг > баw > боw > боо** ж. б. Ал эми эки үндүүнүн аралыгында да [**г > w**] өтүп: **багыр > баwыр > боwур > боор; агыр > аwыр > оwур > оор** ж. б. болуп өзгөргөн деп аныкталаар эле. Мындай болгондо байыркы: **бирагу, экагу, учагу, кудагу, йагы** деген үндүү ж.б. сөздөрдүн аягындагы үндүү тыбыштын кубулушу көңүлгө алынбай келген. Көрсө, бул сыяктуу сөздөрдүн аягындагы үндүүлөр дифтонгуга түздөн – түз айлана койбостон, **ал > эгу > өwу (оwу, уwу, үwү) > өwү > өw > өө** татаал процесстерди бир нече кылымдар бою башынан өткөргөн өндүү.

Бул маселени чечүү үчүн диалектологиялык сөздүк тиешелүү материалдарды берүү керек. Ошон үчүн составында дифтонгулар болгон сөздөр сөздүктө бир топ берилди. Бирок техникалык жактан көп машакат болот деген ой менен дифтонг **+v** (жарым үндүүнүн кошулушу) жана толук созулмага айланбаган (**ү**) процесс жөнөкөйлөтүлүп гана берилип калды. Биздин оюбузча, аларды говордук, подговордук сөздүктөрдү түзгөндө берүүгө болот го деп ойлойбуз.

3. Лексикалык жактан алганда да байыркы учурда диалектилик мүнөзгө ээ болгон сөздөр[1] сакталып калган. Төмөнкү фактыларды салыштырып көрүңүздөр: **әпче** бт. **ачи** (бт. — байыркы түрк тилдеринде) "улгайган аял, эже"; **адак** бт. **адак** "бут, аяк" (бул сөздүн ушул түрү сейрек кезигет); **адык** бт. **адиг** "аюу" (анын "айуw" деген түрү да учурайт); **ажрык//ажырык** бт. "өсүмдүктүн аты"; **андак** бт. **андаг** "андай"; **анда** бт. **анла** "байка, сез, түшүн"; **мөнөк** бт. **бенек** "кай бир тоо өсүмдүктөрдүн боорuна байланган тоголок – тоголок данчасы"; **бөжү** бт. **би** "бей"; **чөwлү//чэвли** бт. **чаувли** "жаш чырпыктан токулган сүзгүч"; **жоw** бт. **йаг** "май"; **жогдор** бт. **йогду** "чууда"; **жончка// жонгучка//жонурска//жонуртка** бт. **йоринча** "кашка беде"; **көкмөк** бт. **көмкөк** "көпкөк"; **мыш** бт. **мыш** "мышык"; **тавар** бт. **тавар** "кездеме, бул" ж. б.

4. Морфологиялык жактан алганда кайсы бир байыркы мүчөлөрдүн

[1] Мисалга алынган сөздөрдүн байыркы учурда диалектилик мүнөзгө ээ болгондугун "Древнетюркский словарь" деген эмгектин 644 – 648 – беттериндеги фактылардан (1969 – жыл) караңыздар.

өзү же эскиче түрүнө жакын көрүнүшү сакталып калган: **а)** жамдама сан атоочту уюштуруучу +**өwү//owy < агу//егү** (мүчөсү); **экөwү < икегү; үчөwү < үчөгү; алтowy < алтагу** ж. б.; **б)** кичирейткендикти туюндуучу **–ак** мүчөсүнүн рудимент катары сейрек жолугушу; **жолок** бт. **йолак** (йол+ак); **в)** сан атоочтун ажыраткыч түрүн уюштурууда **–ээр / –ар** мүчөсүнүн колдонулушу: **бирээр//биргэр** бт. **бирер** (бир+ер). Бул мүчө мурда **–ар//–ер//–рар//–рер** түрүндө учураган**; г)** кичирейтип сын атоочту уюштурууда **–чээк** мүчөсү кеңири колдонулуп сакталгандыгы: **булакчээк** "кичине булак", **кетменчээк** "кичине кетмен", **олимчээк** "жаш илимпоз" ж. б. Бул мүчө төл жана кабыл алынган сөздөргө жалгана берет да, кээде маанини басандатып же бир аз төмөндөтүп, мыскылга жакын ойду да берет. Бул мүчө байыркы учурда да колдонулган: **басинчак** (**10**) Азыркы учурда ал карайым тилинде кезигет (**11**); **д)** зат атоочту жасоодо **–дырык//–дирик//–дуруг//–дурук/ /–дүрүк** мүчөсүнүн колдонулушу: **көзүлдүрүк** "көз айнек", **тамандырык** "босогонун таман жыгачы", **сүwүлдурук** "сулуулук", **өwүздурук** "ооздук", **капкалдырык** "чөнтөктүн капкагы", **чымылдырык** "чымылдык" (бул мүчө түндүк говорлордо: **сагалдырык, көмөлдүрүк** өңдүү бир аз сөздөрдүн составында реликт катары жолугат). Ал байыркы сөздөрдүн составында да кезиккен: **күмүлдүрүк** "көмөлдүрүк", **боюндурук** "моюнтурук"; **е)** зат, сын атоочту жасоодо **–ик//–ык** мүчөсү сакталып калган (анын байыркы түрү **–иг//–уг//–үг//–аг//–эг//–г** болгон), **кечик** "кечүү", **ачык** "ачуу", **тирик** "тирүү" ж.б. Салыштырыңыз: бт. **кечиг** "кечүү", **севүг** "сүйүү"; **ё)** этиштин каалоо, ниет ынгайын туюндурууда **–гай** мүчөсүнүн колдонулушу: **келгей** бт. **келгей; тургай** бт. **тургай**; **көргөй** бт. **көргөй** ж.б. Түндүк говорлордо бул көрүнүш "**эле**" деген сөздүн жардамы менен туюнтулат; **з)** чакчыл **–галы (–гели//–голу//–гөлү)** мүчөсүнүн кеңири колдонулушу: **кылгалы//кыгалы** бт. **кылгали** "кылганы"; **окуткалы** бт. **окутгали** "окутканы"; **алгалы//агалы** бт. **олгали** "алганы"; **чыккалы** бт. **чикгали** ж.б.; **и)** этиштен атооч жасоодо **–как** (**–кек//–көк//–кок//–ак//–өк//–эк//–к** мүчөсүнүн колдонулушу: **качкак** бт. **качкак** "качанаак, качаанак", **ичкек** бт. **ичкек** "иченээк, ичээнек", **сүзөк** "сүзөнөөк, сүзөөнөк", **качак** "качааган, качаанак" ж.б.; **й)** этиш сөздөргө көптүктү туюндуруучу **–лар** (варианттары менен) мүчөсүнүн жалганышы: **кылаттар** бт. **кылурлар** "кылышат"; **өтүндүлөр** бт. **отиндилер** "өтүнүштү"; **бекиттилер** бт. **бектедилер** "бекитишти" ж. б.; **к)** II жакта сылыкты туюндуруу үчүн **–ын** (**–ин//–ун//–үн//–н**) мүчөсүнүн колдонулушу: **жевең** бт. **йеман** "жебеңиз"; **барың** бт. **баруң** "барыңыз", **сүйлөң (гап урун)** бт. **сөзлаң (12)** "сүйлөңүз" ж.б. (**13**).

Сөздүктү талкуулоого катышкан оппоненттер, рецензенттер жана "Советтик Кыргызстан" гезитинин редакциялык макаласы ага карата олуттуу сындарды койгон болчу. Бул сандарга карата болгон биздин мамилебиз "Советтик Кыргызстан" гезитинин № 178 – санында (1973, 31 – июль) жарыяланган эле. Ошол сандарга байланыштуу сөздүктүн жаңы варианты бир топ өзгөртүлдү (**14**).

Социалистик Улуу Октябрь революциясынан кийин советтик кыргыз жергесиндеги өзгөрүүлөрдүн масштабы укмуштай кенен да, терең экендиги да жалпыга маалым. Ал революциялык өзгөрүүлөр советтик кыргыз элинин

маданиятына, демек, анын эң негизги элементтеринин бири болгон тилине, ошол улуттук адабий тилдин жергиликтүү өзгөчөлүктөрүн камтыган говор, диалектилерине кылган экстралингвистикалык таасирлери да чоң экендиги талашсыз. Муну биз адабий тилдеги кубулуштар менен диалектилик кубулуштардын ички катыштарынан, лексикалык жылыштардын түрлөрүнөн, кыйыр жана аралаш өзгөрүүлөрдөн, тилдик моделдерден ж.б. көрүнүштөрдөн сезебиз. Ушундай учурда диалектилик фактыларды, анын ичинде диалектилик лексиканын системасын, социологиялык жана лингвистикалык кубулуштардын ички маңыздарын, кайсы бир говорлордогу билингвизмдик көрүнүштөрдү, лексикалык кабыл алуу жана өнүгүүнүн лексико – семантикалык жолдорун, фразеологиялык, сөз жасоочулук, морфологиялык ж.б. өзгөрүүлөрдү иликтөө тарыхый диалектология, лингвогеография, ареалдык диалектология үчүн баалуу материалдарды бермекчи.

Бул үчүн төмөнкү фактыларды карап көрүңүз: КОС (**15**): **аары II** (южн.), **аарыт** (южн.), **абадан** (тал.) 17; **абден** (сев.) 18; **айлык** (южн.) **айлыктыр** (южн.) 32; **алеге** (южн.) 50; **анда** "аңда" (южн.) 56 ж.б.; КД (**16**): **аары, абадан, айлык, антар, аргун, ахыры** (263 – 264) ж.б. ТКТӨ (**17**): **маки, быйас, мыйаз, бул, майнап** (51, 54, 59, 71, 22); ӨКТӨ (**18**): **жоогазым, каймал, тэкэ, жийрэн, чигэ, пөгө, пукта** (155, 160, 163, 169, 183); КТЧГ (**19**): **тобулгу, касыр, чулгоо, маки, быйас** (72); ЖАГ (**20**): **бийер, бийек, ушер** (87), **сулу** (88), **шады** (92), **гүрөк** (98), **кулп, такта** (99) ж.б. (булардын ичинде "регулярдуу" түрдө тыбыштык алмашууларга учурагандары бар) фактылар кыргыз тилинин тарыхын, кыргыз диалектилеринин тарыхын изилдөөдө эң кызыктуу фактылардан экендигинде шек жок.

Кыргыз тилинин диалектологиялык эмгектеринде да адабий тилдеги сөздөр менен тизмектешип келген номинативдик атоолор, сөз айкаштары, маанисинен айырмасы болгон лексемалар "диалектизм" катары берилгендери бар. Ал үчүн төмөнкү сөздөрдү карап көрүүгө болот: КТЧГ: **кап** (75), **орок** (77), **ээр** (80), **чокой** (84) ж.б. ТКТӨ: **аяк, кесе** (50) ж.б. бул өндүү фактыларды сөздүк түзүүдө эске алууга туура келген эле. Ошону менен бирге эле ал говор, диалект тейлеген коллективдин социалдык жагдайына, теориялык таралышына жараша (тарыхый аспекти менен алганда) жеке, айрым же майда өзгөчөлүктөрү болору белгилүү. Бул көрүнүш лексикалык составдан, сөздөрдүн маанилери жана маанилеринин стилдик боёкчосунан, оозеки тилдик традициядагы үлгүлөрүнөн да байкалат эмеспи. Ага карата: **сарыгалдак, эшкелик** (эшик + элик), **ээлэмжэн, ымаа, тээки, гүлпэттэ, сейрек, серке, салык** ж.б. мисалдарды келтирсек болот.

Сөздөрдүн маанилеринин чачырашында же кандайдыр бир сөздүн өзөккө айланышында туюк көрүнүш болбостугу диалектилик фактылардан ачык байкалат. Стилдик боёкчонун орун алышы, маанилик жылыштардын чектөөсүз учурашы — сөздөрдүн семантикалык касиетиндеги жеңил же тарый берүү потенциалынын чоң мүмкүнчүлүгүн көрсөтөт. Демек, ал факторду эске алуу — диалектилик лексиканын структуралык касиетин ачууга түрткү берет. Кыргыз диалектологиясынын али да көп маселелери өз изилдөөлөрүн күтүүдө.

Диалектологиялык жана лексикографиялык эмгектерде: **бүкмө,**

бүктөмө (166) **дөңгөлөк** (199), **дүкөн** (202), **дүңгө** (203), **дуңгурчак** (203) ж.б. (Кыргызча – орусча сөздүк); **тон, торпок, тай, тукум, көрүнүш, жарма, бозо, тыбыт** (213) ж.б. (Кыргыз диалектологиясы); **торпок, көпчүлүк, чөмүч, челек, аш, тукум, чатыр** (18 – 20) ж.б. ("Кыргыз говорлору"); **бокчо, соолук, төгөрөк, эне, комуз** (78 – 92) ж.б. ("Кыргыз тилинин Чүй говору"); **сай, милдет, салым, сыйак, сок, айма, түшүр, тоз, урун, жоктоо, чал** (128 – 126) ж.б ("Өзбекстандагы кыргыздардын тилинин жергиликтүү өзгөчөлүктөрү") деген өндүү фактылар дифференциялдык белгиси бар диалектизм катары каралган. Лексикалык – семантикалык диалектизм катары каралган жана талданган бул өндүү сөздөр "Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгүндө" мурун да орун алган болчу.

Говор, диалкетилерде лексикалык нормалардын чеги, андагы маанилик өзгөрүүлөрдүн потенциалы кыйла кеңири келип, алар сөздүктөрдө атайы реестр сөз менен көрсөтүлөт. Муну ССРНГ деги: **артель, бабка, банка, батюшка, батя, беда, беднота бездомник, бездушный** (46 – 51) ж.б. сөздөрдүн белгиленишинен көрүүгө болот. Ошондой эле сөздөрдүн таралыш ареалын географиялык лингвистиканын принциби менен талдап караганда бардык говор же диалектиде бирдей учурабаганын көрөбүз. **Козу карын** бардык жерден жолуга бербейт эмеспи. Же **таш кайнак** оюну бардык жерде ойноло бербейт эмеспи. Алардын чөйрөсү, географиясы бар. Ошондой эле сөздөрдүн таралышынын өз – өз аймагы, чөлкөмү жолугат.

Мына ошого карап, **аброй, адыргы, ажыкыз** (КОС. 24; *сев.* деп берилген), **айдар, балдак, бөйрө, болпоң, боортко** (ТКТӨ, 56), **додуй, бошток, бөгө** (этиш), **букчугуй, буласта, бургу, буву** деген сыяктуу сөздөр ареалдык мүнөзү болгон үчүн сөздүккө киргизилген эле. Анткени, алардын кээ бирлери (**буву, бургу, буласта, бурчугуй бөгө** ж.б.) кыргыз тилинин түштүк – батыш, түштүк – чыгыш диалектилерине мүнөздүү болуу менен, анын региондук чегинен чыгып, коңшу тилдердин изоглоссасы катары жолугары сезилет. Ал эми: **бопуй, болпоң, айдар** деген сыяктуу сөздөр кыргыз тилинин түндүк говорлоруна тарап, анан анын чегинен чыгып, казак тилинин чыгыш говорлоруна тарап, ал турсун, алтайдагы тилдердин говорлорунан учуроочу ареалдык белгиге ээ болгон сөз катары киргизилген.

Ареалдык мүнөзгө ээ болгон сөздөрдү "диалектизм" катары кароо башка диалектологдордун эмгектеринен да орун алган: КТЧГ **алтыгат** (74 бет); **соку, сумбал, талпак, айры** (76 – бет); **бакал, карагат** (77 – бет); **желдик** (79 – бет); **такыята** (83 – бет); **чөвөгө** (88 – бет); **кулак, күл, өпкө** (91 – б) ж.б.; ЖАГ: **бөтөлкө, келтек, баштык** (98 – бет); **таар, төшөк** (99 – бет); **билерик, жоолук, кемер калпак** (102 – б) ж.б. Демек, мындай болгондон кийин алар диалектологиялык талдоого тартылат.

Региондук жактан алганда кыргыз тилинин түндүк диалектисине мүнөздүү болгон кыйла сөздөр казак тилинин чыгыш тобундагы говорлор менен бир ареал түзүп учурайт. Аны далилдөөчү төмөнкүдөй лексикалык фактылар бар. Мисалы: **делветап – делветап; желке суу – желке су; жолум үй – жолым үй; күдүр – күдір** (ой – чуңкурлуу жер); **күздөө –күздеу; ок жыгач – окагаш; октум; октум–соктум – октым; сары аңыз – сараңыз; саары муун – сарбуын; суканы учуп кетти – суканы үшып кетү; түтү – түтү=ту/**

/тете–тете; ува (оорунун аты) **–уа; шалгам – шаңгаал – шаңгал; ыңырчак – ыңыршак; кычкач – кышкаш** (**21**) ж.б.

Кайсы бир лексикалык өзгөчө сөздөр кыргыз тилинин түштүк – батыш же түштүк – чыгыш диалектиси менен Анжиян – Маргалаң – Самаркан – Бухара – Ургум аралыгындагы ареалды да түзөт. Мисалы: **челек – челак** (ург.) "чака"; **чава – чәвә** (анж., сам); **гилас// гилерс//гелес** (сам.); **чимели – чумоли** (өзб.) (**22**); **дәңгәнә – дәнгәнә**, **жороп – жорап, аташгүрек – аташгирәк, пешкаары – пәшкир: зәккәш–зийкәш//зәккәш; челпек–чәлпәк, бардан – мардон// бордон** (**23**).

Б. Осмоналиеванын бир иликтөөсүндө: **кишен, кысрак, кысыр, жуурат, жөргөм** (111); **көгөөн, ирик, чебич** (112); **көнөк, үкөк, чыгдан, туткуч** (113); **өзөк, толорсук, уча** (114); **бучкак, кемик, жупка, куймак, жумуртка, жуурум, жүгүрүм, иңир** (115 – 118); **кийик киши, көз жумду, көрпө, өпкөлө** (**24**) сыяктуу сөздөр Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө кандай учураса, азыркы кыргыз тилинде да ошондой учураары белгиленет. Бул туура. Бирок ушул өңдүү сөздөр да азыркы кыргыз тилинин диалектилеринде ареалдык мүнөзгө ээ өңдөнүп көрүнөт. Анткени, ал сөздөр түштүк – батыш диалектиге толук мүнөздүү эместей сезилет. Демек, бул сөздөр мурда эле кыргыз диалектинде ареалдык мүнөзгө ээ болгон, же кийинки доорлордо региондук көрүнүшкө айланган. Эгерде алар XI – XII кк. эле ареалдык мүнөзгө ээ болгон болсо, анда М.Кашгари жогоркудай сөздөрдү бир диалект, же лексикалык системасы жалпы келген говорлорду өкүлдөрүнөн жазып алган деп болжолдоого болоор эле.

Морфологиялык диалектизмдер диалектилердеги сөз жасоонун үлгүлөрү менен мүчөлөрдүн ареалын, алардын функциясынын кең – тардыгын иликтөө үчүн сөздүккө киргизилди. С. Кудайбергенов түрк – монгол тилдериндеги грамматикалык каражаттардын параллелин тарыхый аспектиде изилдеген ишинде кыргыз – монгол сөздөрүндө 40ка жакын мүчөнүн окшоштугун, ошол мүчөлөр катышкан сөздөрдүн жолугушун морфологиялык аспектиде талдаган (**25**). Талдоого алынган көп сөздөр түштүк – батыш диалектиде учурабагандыктан, ошол талдоого алынган фактылардан улам эле мүчөлөрдүн жана үлгүнүн таралышында ар кайсы диалектер боюнча белгилүү даражадагы региондук ареал бар экендигин көрүүгө болот.

Түштүк – батыш диалектиде монгол тилинде учуроочу **гол** "суу" деген сөз менен жасалуучу: **Нарынкол, Каракол, Улакол** сыяктуу топонимдердин учурабашы; **–оол** мүчөсү менен жасалган: **жасоол, такоол** сыяктуу сөздөрдүн кезикпеши; **–ылга** мүчөсү менен түзүлгөн: **каалга, токулга, жасалга, табылга** деген өңдүү ж.б. сөздөрдүн, көрүнүштүрдүн мүнөздүү эместиги "морфологиялык диалектизмдердин" тарашында да тарыхый кызык нерселердин бар экендигин көрсөтөт.

Морфологиялык диалектизмдердин ичинде грамматикалык формалардын сенек түрүндө учурагандарын да сөздүккө киргизүү лингвистикалык жактан өзүн актайт. Сөздүктөгү сөздөрдүн дээрлик көпчүлүгү совет дооруна чейин жасалган тиричиликти, этнографиялык көрүнүштөрдү, соцалдык – экономикалык жагдайды, маданий – материалдык нерселерди чагылдырып туюндурат. Аларга тарыхый аспектиде гана мамиле кылуу керек.

"Марксизмдин бүткүл мазмуну, анын бүткүл системасы ар бир жобону (а) тарыхий жактан гана алып, (б) башкалар менен байланышта, (ү) тарыхтын конкретүү тажрыйбасы менен байланышта гана алып кароону талап кылат", (**26**) – дейт В.И. Ленин. Ошондой эле гениалдуу окумуштуу Ф.Энгельстин: "Эне тилдин материясы менен формасын" түшүнүү үчүн анын пайда болушуна жана бара – бара өнүгүшүнө байкоо жүргүзүү зарыл, ал эми биринчиден, анын өзүнүн өлүк формаларын, экинчиден, жандуу жана өлүк тектеш тилдерди эске албай турган болсок, андан байкоо жүргүзүү эч мүмкүн эмес" (**27**) деген пикирин жетекчиликке алабыз.

Советтик чындыктын натыйжасында азыр диалектилик кыйла сөздөр айтылуу жана колдонулуу жагынан солгундап, өз ордун башка сөздөргө бошотууда. Ошентсе да, тилдеги өзгөрүүлөр эволюциялык жол менен динамикалык процессте жүрө тургандыктан, алар бир күндө эле, же бир жумада эле, же болбосо бир айда эле жоюлбастан, белгилүү даражада диалектилерде жашап келе жатат. Алардын ичинде профессионалдык сөздөр да, термин мүнөзүндө атоолор да бар. Кээ бирөөлөр аларды диалектологиялык сөздүккө киргизбөө керек эле дешет.

Анда эмне үчүн деген суроо пайда болот. Алар изоглоссалык мүнөзгө ээ болсо, диалектилик дифференциалдык белгиге жатса, эмне үчүн алар сөздүккө кирбеш керек? Же мурдагы диалектологиялык эмгектердин "**Лексикалык өзгөчөлүктөр**" деп аталган бөлүктөрүндө: "**анар, әнжир, алмурут; шаптолу, жийде, жүзүм, өрүк**" түрлөрү, терминдери каралган жок беле? (**28**) Кыргыз диалектологдору флорага, фаунага, чарбачылыкка, этнографияга, кесипчиликке ж.б. байланышкан көп сөздөрдү, терминдерди, фразалык айкаштарды "**диалектизм**" катары карап келишкен. Мисалы: КОС: **жайдары алма** (215 – б), **катын жаңгак** (230 – б), **боз жигит** (253 – б), **мәкә жүгөрү** (272 – б) ж.б., **ә** *чатк.*: **жайдары кой, дөнөн кой** (73 – б), **кара барпы** (75 – б), ж.б ; КТЧГ.: **бака чөп, катын карагат**, **чаар мандалак, кичине мандалак** (77 – б) деген өңдүү ж.б. фактылар, терминдер.

Биз мурда мындай терминдери топтоп, өзөк сөзгө карай чогултуп, ал турсун мүмкүн болгон жерлерде фразеологиялык айкаштардан турган туюнтмаларды, идиомаларды жыйнап берген элек. Ал үчүн: **гүл, алма, арча** деген сыяктуу сөздөрдү карап көрсөңүздөр болот.

Орус тилиндеги көркөм чыгармалардагы диалектизмдерди изилдеген В.Н.Прохорова өзүнүн эмгегинде И.С.Тургеневдин, Н.А.Некрасовдун, Л.Н.Толстойдун, В.Г.Короленконун, А.М.Горькийдин, М.А.Шолоховдун, Л.М.Леоновдун атактуу чыгармаларында көп сөздөр "**диалектизм**" катарында колдонулганын көрсөтөт (**29**).

Ал эми казак тилчиси Ж.Болатов М.Ауэзовдун "Абай жолу" аттуу романындагы (жогоркуу эмгек, 833 – 904): "**көз таңба, ашамат, таңба, шөміш таңба, тәрс таңба, кос дөңгелек, топрак, ишпек, аукат, шелпек, үзүм, шапан–шапкыт**" сыяктуу сөздөр "**диалектизм**" экендигин далилдейт. Алар көркөм чыгармаларда, болгондо да белгилүү жазуучулардын беделдүү чыгармаларында колдонулгандан "**диалектизм**" болбой калса, анда алар изилдөөгө алынбайт эле.

Демек, ушундан эле "**диалектизм**" сөздөр, терминдер, "жалпы мүнөздөгү

адабияттарда" колдонулса эле алар дароо диалектизм болбой калат дегенге ишенүү кыйын.

Орус тилиндеги диалектологиялык сөздүктөрдө да балыкчылыкка, курулушка, токой чарбачылыгына, ботаникага ж.б. байланыштуу терминдер говордун сөздүгүнө да кеңири киргендиги белгилүү (ССРНГ., 30 – б). Термин жана кесип сөздөрү өз өмүрүн бүткөрбөй кандайдыр бир байланыш куралынын функциясын аткарса, аларды сөздүккө киргизбей коюу менен биз мөөрөй ала албайт элек. Ошон үчүн кай бир диалектологдордун: **әнжир, шаптолу, чилги шаптолу, ат йагы шаптолу, чилги жүзүм, усейин жүзүм, кара жүзүм, чараз жүзүм** деген өндүү терминдерди (ӨКТӨ) терминдик диалектизм катары талдоолорун туура го деп ойлогон элек. Анткени, бул сыяктуу сөздөрдө диалектилик белгилер бар эмеспи.

Ал эми кандайдыр бир нерселердин түрүн, түркүмүн көрсөтүүдө В.Далдын жолун карап көрөлүчү. Мисалы: В.Даль **масть** деген сөздү бергенде анын 50гө жакын түрүн (П. Т., 304 – 305); **гриб** деген сөздү бергенде анын 10го жакын атын (1 Т., 394 – 395); **ветер** деген сөзгө келгенде (1 т., 334 – 335) анын 30дан ашык түрүн баяндап берген. Мындай ыкты В.В.Радлов да: **баш** (IV т.2. ч. 1546 – 1551); **бурун** (1821 – 1822); **мал** (2035 – 2035) ж.б.; К.К.Юдахин да **аяк** (86), **баатыр** (90); **бай** (94) ж.б. пайдаланган.

Тилдин лексикалык каражаты объективдүү чындыкты чагылтуучу кубулуш эмеспи. Ал коомдук реалийлердин паспорту катары адамдардын сезиминдеги, түшүнүгүндөгү чындыкты каттап, тарыхый факт катары өмүр сүрөт. Ошондуктан, элдин тили жана тарыхы өтмө катары жашап, не бир кызык түшүнүктөрдү сөз менен баяндап келгендиги ар кимге маалым. Ошон үчүн сөздүктүн ичинде бай материалдардын болушун көздөө илимге алда канча пайдалуу болоор эле. Бул жерде жогорку пикирге байланыштуу белгилүү советтик тилчи – этимолог В.И.Абаевдин: "Связь языка и истории в разных областях языка выражается по – разному. Наиболее наглядное и непосредственное выражение находит эта связь в лексике, поскольку элементы лексики непосредственно соотносимы с данными объективной деятельности. Поэтому история лексики, в большей степени, чем история грамматики или фонетики, перекликается с историей народа" (**30**) деген сөзүн эске алуу керек. Тарыхый материализмдин принциптерин диалектология илимине колдонуунун классикалык үлгүсүн берген Ф.Энгельстин "Франский диалект" деген эмгегине авторпонимдерге эң чоң көңүл бөлгөнү белгилүү да.

Ф.Энгельс бир учурда Везер суусунун эки жээгиндеги Энгерн жана Вестфалия аймагында жашаган адамдардын аттарында да "байыркы саксон формаларынын" жолугаарын айткан (**31**). Улуу диалектолог байыркы батыш – саксон жана чыгыш – саксон наречиелериндеги энчилүү аттардын грамматикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн латын тилдеринде жазылган документтерге да кайрылган.

Талдоо үчүн: Stedieraburg, Harsadal, Winethahusen, Edingahusen деген аттарда көпчүлүктү туюндуруучу сөз илик жөндөмөсүндө (**а**) тыбышы менен келерин; чыгыш фриздиктерде эркектердин аттары (**о**) тыбышы менен аяктарын көрсөтүү үчүн: Fokko: Occo: Enno: Smelo ж.б. аттар алынгандыгы маалым (**32**).

Демек, ушул эле фактылардан антропонимдерден лексикалык, морфологиялык өзгөчөлүктөр гана жолукпастан, тыбыштык, грамматикалык өзгөчөлүктөр жолугарын да көрүүгө болот.

Ф.Энгельс байыркы германдыктар жашаган Кельн, Аахен, Фландрия ж.б. аймактагы аттарга көңүл буруп, бирөөндө **eich**, бирөөндө **ech** (ек), бирөөндө **ik** деген көрүнүштөр мүнөздүү болсо, байыркы салдыктардын **Segenandus, Segemundus**... деген өндүү аттарда (**i**) тыбышынын оордуна ар качан (**e**) тыбышынын колдонуларын көрсөткөн (**33**). Диалектилик өзгөчөлүктөр лексиканын башка катмарларында да: этнографияга, флора, фаунага ж.б. тиешелүү сөздөрдөн да жолуга берет. Диалектилердеги бул өндүү өзгөчөлүктөрдүн немец тилинде көрүнүшү жөнүндө Ф.Энгельс: "Незаметно переходя от древни к древне, от одного крестьянского двора к другому в диалект рейнской равнины, он на вестфальской границе очень четко отделен от саксонского диалекта" (**34**), – дейт. Ушул эле жобону кыргыз диалектилеринин маселелерин үйрөнүүдө да жетекчиликке алабыз. Мындай диалектологиялык маселелерди чечүүдө Ф.Энгельстин: "Для всякого, кто в этих местах у себя дома, очевидно, что в данном случае кабинетная ученность втискивает мало известные или совсем неизвестные ей живые народные говоры в прокрутство ложе **apriori** сконструированных признаков" (**35**) деп эскерте айткан сөзүн эстен чыгарбоого тийишпиз. Жандуу говорлордун жандуу өзгөрүүлөрүн, өзгөчөлүктөрүн жандуулук менен сезүү үчүн аларды изилдөөдө анкеталык метод менен чектелбестен, "чогуу жашап жыйноо" (метод "сосуществования") методун колдонуу алда канча ишенимдүү да, ийгиликтүү да (**36**). Албетте, андайда "түз эле суроо", "жанытып суроо" амалдарды, жекече индивидуалдык ыктар да колдонулат.

Сөз антропонимди түшүндүрөбү же этнографизмге жатабы, же лексикалык диалектизмге киреби, айтор эмнеси болсо да ал түшүнүктү бергени үчүн, атоо кызматын аткарган үчүн, туюндугу функциясын атаган үчүн тилге, диалектиге кызыктуу. Эгерде биз жөн сөздөрдүн ичинен кай бирлерин диалектилик дифференциалдык белгиге карай "**диалектизм**" деп ишенсек, ошондой эле белгинин негизинде антропоним, этнографизмдер ичинен да кай бирлерин диалектилик дифференциалдык белгиге карай "**диалектизм**" деп айтууга жөнүбүз болот.

Адамдарга коюлган ылакап аттар, айбандарга берилген кличкалар Проф. Б.А.Лариндин жетекчилиги менен чыккан сөздүктө кенири берилгени белгилүү (**37**). Бул сөздүк орус тили боюнча жарыяланган диалектологиялык көп сөздүктөргө караганда өзүнүн тарыхий багыты менен айырмаланат. Ал жөнүндө "Русская диалектологияда" мындай делет: "Это словарь полного типа, включающий в себе весь активный словарный запас псковских говоров, в том числе и лексику, совпадающую с лексикой литературного языка. В словарь вводится также микротопонимика, прозвище людей и клички животных. Большим преимуществом словаря является наличие большого исторического материала..... Псковский словарь в какой – то мере является и словарем – атласом (**38**)...." Кийинки кездерде түркологиялык изилдөөлөрдө жана жалпы лингвогеографиялык иликтөөлөрдө тилдин одоним, гидроним, антропоним, патронимия, этноним, зооним, космоним сыяктуу

кубулуштарына көңүл буруу күчөп келе жатат.Чындыгында лексиканын жогоркудай топторунда ареалдык мүнөз бар экендиги талашсыз. Алсак: **сака, тума, чеңкил** деген сыяктуу тарыхый кызыкчылыгы бар байыркы этнонимдер түндүк говорлордо учурайт. Ал эми **баргы, жаманаң, чегитир** сыяктуу этнонимдер түндүк говорлордо учурабайт. Бул сыяктуу микроэтнонимдер да тарыхый аспектиде лингвистикалык кызыкчылыкты пайда кылбай койбойт. Кийинки жылдарда советтик тил илиминде жогоркудай маселелерге жетиштүү даражада көңүл бурулууда. Ал үчүн: "Восточно – славянская ономастика" (М., 1972); "Карпатская диалектология и ономастика" (М., 1972); "Личные имена в прошлом, настоящем, будущем" (М 1970); "Этнография имен" (М., 1971) деген өндүү, же "Ремесленная терминология в славянских языках" (М., 1966); "Проблема общности алтайских языков" (Л., 1971); "Диалект кумандинцев" (М., 1972) деген сыяктуу толгон – толгон адабияттардын жарык көрүшүн мисалга келтирсек болот. Бул сыяктуу адабияттар кыргыз диалектологиясындагы көп масалелерди да терең кароого бир кыйла түртkү берчүдөй болуп калды.

Эмгектерди окуп көргөндөн соң этнографизм, зооним, патроним ж.б. лексикалык көрүнүштөрдү тилдин номинативдик мүнөздөгү каражаты катары кароого мүмкүн экендигин өзүнөн өзү түшүнүктүү болуп калат.

Макро жана микроэтнонимдер азыркы кыргыз тилинде кандайдыр бир этностук тилдик айырманы көрсөтөт деп эч ким айта албайт. Алардын өзү лексикалык аспектиде алганда гана кандайдыр бир рудимент катары сакталып калган сөздөр болушу мүмкүн.

Орус тилдин диалектологиялык сөздүктөрүндө: оюн – шоок, музыкалык аспап аттары, этнографизм ж.б. сөздөр кыйла камтылып келген. Буга далил катары: **юбка** (стр. 609); **шушпан** (стр. 607); **шептуха** (стр. 604); **шаха** (стр. 603) ж.б. сөздөрдү караңыздар (ССРНГ). Ал гана эмес акыйнектер да киргизилген. Мисалы: "**басалай – басалай , полезай на сарай, там кошку дерут, тебе лапку отдадут**" дегенди кара.

Кыргыз тилинин диалектологиялык эмгектеринде этнографизмге байланышкан сөздөр "оюн – шоок аттары" (КТЧГ., 93 – 94); "Элдик музыкалык аспаптардын жана оюндардын аталышы" (ӨКТӨ., 167 – 169).

В.Далдын "Толковый словарь живого великорусского языка" деген эмгегине баа берген окумуштуулар ал эмгектеги этнографизмдер мол болушун сөздүктүн эң кызыктуу жактарынын бири деп эсептешкен. Мисалы, А.М.Бабкин: "Особо ценным фондом в словаре В.И.Даля следует считать огромное количество слов, связанных с ремеслами, промыслами, народной медициной, естествознанием... Как уже отмечалось выше, множество сведений, содержащихся в словаре В.И.Даля, далеко выходят за пределами чисто филологического порядка. Это исключительно ценные этнографические материалы (**39**)", – дейт.

Этнографиялык жана фольклордук кабарларды кеңири берүү орус тилинин диалектологиялык сөздүктөрүндө эчактан бери орун алып келе жаткандагы белгилүү. Ал үчүн В.Далдын, А.О.Подвысоцкийдин (**40**), И.Т.Смирновдун (**41**)ж.б. сөздүктөрүн эске алсак эле болот. Мисалы, В.Далдын сөздүгүндө эң көптөгөн этнографиялык маалыматтар менен бирге 30 000ге

жакын макал – ылакап, учкул сөздөрдүн берилгендиги, А.О.Подвысоцкийдин сөздүгүндө этнографиялык бай кабарлардын орун алгандыгы маалым. Ал жөнүндө орус диалектологдору: «Подвысоцкий широко пользуется этнографическим материалом. По данным словаря можно полностью восстановить свадебный обряд, обряды, связанные с окончанием сельскохозяйственных работ, некоторые обычаи местного населения»(**42**), – дешет. Бул автор да айбандарды, канаттууларды, балыктарды, курал – шаймандарды, тамак – аштарды, курулуш иштерин, табигат кубулуштарын, жергиликтүү ландшафты, каада – салттарды, оюндарды ж.б баяндоодо энциклопедиялык түшүндүрүүлөрдү бергендиги менен аты чыккан. Ошон үчүн бул сөздүк да орус диалектологиясынын тарыхында В.Далдын сөздүгүнөн кийин экинчи болуп Ломоносов атындагы сыйлыкты алган.

Макал, ылакап, табышмак, акыйнек, ыр, сөз оюндарынын берилиши жогору жакта аталган И.Т.Смирновдун «Кашинский словарь» деген сөздүгүндө кыйла учурайт. Бирок кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгүндө антропоним, этнографизмдик кабарлар ашыра берилгендиктен жана алар сынга алынгандыктан, түндүк ареалга мүнөздүү болгон күү аттары, этнографиялык кабарлар, антропонимдер бүт кыскартылды. Сөздүктүн эмки вариантында **бет ачар, кырк аркар, ботой күүлөрү** ж.б киргизилген жок.

Өздөштүрүлүп жаткан сөздөрдүн диалектилердеги реалдуу өмүрү, турмушу да өзүнчө бир кызык. Мындай көрүнүш жөнүндө орус диалектологдорунун бир тобу: "... в разговорной устной диалектной речи орфоэпические нормы имеют очень широкие и подвижные границы; эти нормы можно познать лишь наблюдая отдельные конкретные случаи произнесения слов. В этом плане каждый отдельный факт фиксации реального произнесения слова имеет познавательное значение"(ССРНГ., 45), андан ары: "... в транскрпции наиболее полно отражается **реальная жизнь слова** (Ж.М.) в потоке устной разговорной речи, которая **является единственным языковым материалом словаря**. Поэтому чем больше в словаре будет представлено зафиксированных фактов конкретного произнесения слов, тем выше будет научная ценность слова? (ССРНГ., 45) дешет.

Орус тилинен кирип жаткан сөздөрдүн оозеки варианттарын «**диалектизм**» катары эсептөө кыргыз лингвистикасындагы башка эмгектерде да талданган. Мисал иретинде төмөнкүдөй сөздөрдүн түрү «**диалектизм**» катарында белгиленгендигин айта кетели:

а) (КТЧГ.: **абиешшик** 8I, **дубайна, кастон, купайке** 82, **агорот//агөрөт** 88; **землянка, матке** 89; **бакош, капана, сотун** 90 – 9I; **каганок, ычотник, булан, бопорос, бормо** 97 ж.б **б**) КОС: **абиенчик абиеччик** I8, **агорот** I, 2 (*сев.*), **агоротчу** 20, **адыбекет** 23, **балетке** (*сев.*) 104, **бадирет** 93, **бастырунке** (*сев.*) 115, **балитике** (*сев.*) 105, **бадөлөк** 93, **бадерке** 93, **банаре** 107, **банке** 107, **бапак** 107, **бартыя** (*сев.*) 112, **батынооз, батыныс** 117, **безденге** (*юж.*) 123, **белет** 1,2 (*сев.*), **белетчи** (*сев.*) 127, **бирзин** I (*юж.*) 136, **«бензин», бирзин** II (*юж.*) 136, **брезент; биричке** 136; **божу** 138, **болотнай** 143, **бөлкө** 152 ж.б.

в) Орус тилинен оозеки түрдө өткөн сөздөрдүн диалектилик түрлөрүн да

проф. Б.М.Юнусалиев «Кыргыз диалектологиясы» деген эмгегинин «**лексика**» бөлүгүндө (228 – 229 – бб.) «**соко < соха, закун < закон, догоо < дуга, каамыт < хомут, божу < вожжи, аткез < отказ, сөлкөбай < целковый, баратке < порядок**» деген өндүү фактыларды түндүк говорлордун көрүнүшү деп эсептесе, «**гэлэш < галоша**», **рам//рама, хамыт// хомут** ж.б. түштүк говорлордун өзгөчөлүгү дейт. Ал гана эмес «**баратке, ирет, аткез, бечет, божу**» сыяктуу сөздөр «ичкиликтер говорлорунда учурабайт» деп алардын ареалдык мүнөзүн көрсөтөт.

Кабыл алынып жаткан сөздөрдө дифференциялдык диалектилик белгилердин орун алгандыгы кыйла эмгекте берилген: **бэңкэ//манке** «банка», **гирэм** «грамм», **горут** «город» (буга стилдик түшүндүрмө да берилген), **абит** «обед», **кырам** «хром» ..., 25 – 30 сөз; ӨКТӨ). Диалектолог Г.Бакинова орус тилинен өздөштүрүлүп жаткан сөздөр жөнүндө мындай дейт: «Ал эми говорлордо болсо, ар бир говордун тыбыштык өзгөчөлүгүнө жараша жаңы кабыл алынган сөздөр жергиликтүү орфоэпикалык нормага багындырылып айтылат» (ӨКТӨ, 190 – бет). Эгер бул пикир туура болсо, говордук норманы жана традицияны аныктоодо коллективдин речиндеги моделди, стилдик норманы, тыбыштык системаны ж.б. объективдүү түрдө лингвистикалык планда үйрөнүүгө туура келет. Бирок, ага карабастан, маселенин бул жагы да сынга алынгандыктан, сөздүктүн жаңы вариантында андай сөздөрдүн бирине да орун берилген жок.

Кыргыз диалектилериндеги кандай сөздөр «**окказионалдык**» деп аталары азырынча чечиле элек. Бул маселе — орус диалектологиясында да чиелүү маселелердин бири. Кандайдыр бир сөз же сөздөрдүн тобу «**окказионалдык**» жана «**окказионалдык эмес**» деп талашка түшүп калганда алар дайыма сөздүккө киргизилип жүрөт (**43**).

Биз сөздөрдүн жалпылыгын же жеке мүнөзгө ээ экендигин ажыратууда жана аларды сөздүккө киргизүү же киргизбей коюуда орус тилиндеги диалектологиялык сөздүктөрдүн үлгүсүн алдык (**44**).

Кайсы бир сөздөр жеке адамдын сөзү болуп «окказионалдык» деп аталса да, чынында алар баары бир говордук, диалектилик норманын, үлгүнүн, традициянын чегинде пайда болуп, ошол жергиликтүү тыбыштык, моделдик, семантикалык, морфологиялык көрүнүштү баяндайт.

Сөз варианттарын сөздүктө көрсөтүү жөнүндө: «... показ же всех вариантов слова, в том числе и фонетических, очень важен как материал для наблюдения и изучения вариантности вообще представляющей одну из характернейших черт разговорной устной диалектной речи, на базе которой и строится словарь» (ССРНГ., 45) деген пикир белгилүү даражада эске алынды.

Транскрипцияда ар түрдүүлүк сакталды. Анын объективдүү себеби бар: 1) кээде бир эле говордун өкүлдөрүнүн жашы, билими, речтик традициясынын ар түрдүүлүгүнөн улам транскрипция да алардын тил өзгөчөлүгүнө жараша өзгөртүлө колдонулган учурлар орун алгандыгынан; 2) бир эле говордо кээде тарыхый говордук калдыктар менен региондук дифференциялдык белгилердин аралаша келүүсүнөн улам; бир эле кыштакта же райондо эки башка говордук, диалектилик белгилердин жанаша жашашы, контактык абалда болушу же өткөөл абалды ээлешинен болду.

Биздин оюбузча, ушул өндүү себептерден улам кыргыз диалектологиясы боюнча жазылган монографияларда бир эле сөз бир нече түрдүү транскрипцияланып жазылганын көрөбүз. Мисалы: **тайпа–тэпэ, суw–суу, күйөw–күйө** (ӨКТӨ, 127 – 128); **төө//тewe; кевейт//бовойт; эди//эде; рэйис//райиш; уул//ул; туwган//буудай** ж.б (ОГ., 122 – 123 – б.); **сөз//сөс, өзүбүз, көндүнүс; кыргоwул//кыргоол** (ЖАГ., 165 – 166) ж.б. Демек, бул өндүү транскрипциялык ар түрдүүлүк белгилүү бир объективдүүлүктөн улам орун алган өндөнүп көрүнөт. Мында кандайдыр бир адаттан тышкары нерсе байкалбайт деп ойлойбуз.

Диалектилик сөздөрдүн маанисин ачууда алардын адабий тилдеги эквиваленти кеңири колдонулду. Ал эми синоним жолу менен берүүгө мүмкүн болбой калган кезде жайылта сыпаттап туюндуруу ыгы колдонулду. Бул жагынан алганда сөздүк — «котормолоо» жана «түшүндүрмөлөө» ыгы аралаш колдонулган сөздүк болду.

Мүмкүн болушунча, ар бир сөз, жана анын ар кыл маанилери, маанилеринин оттенкалары бүтүн бирдик катары берилүүгө аракет кылынды. Ошондо гана сөздөрдүн жандуу тилдеги бардык функциясынын реалдуулугу толук чагылат деп ойлойбуз. Сөздөрдүн маанилеринин чачырашындагы доминанттык, стилдик жагынан алганда бейтараптык касиет башкы белги катары эсептелди.

Сөздөрдүн маанилерин ачууда жана түшүндүрүүдө говор, диалектилерден жазылып алынган иллюстративдик материалдар кеңири берилди. Жазылып алынган материалдарда говорлордун тыбыштык өзгөчөлүктөрү сакталып, фонетикалык транскрипция колдонулду.

Иллюстративдик материалдар талаа шартында жазылып алынган. Мүмкүн болушунча, ал материалдар табигый «речения» түрүндөгү касиети сакталсын үчүн аракет болду.

Иллюстративдик материалдардын ичинде: жооп, диалог, адаштырма, реплика, жорго сөз, алкоо, кысым, жылдырма, ишарат ж.б. түрлөрдөгү речь көрүнүштөрү да чагылтылды. Диалектилердин лексикону жалпы элдик тилдин лексиконундай эле белгилүү диалектилерде жашаган коллектив мүчөлөрүнүн тарыхый тажрыйбасын, өмүрүн көрсөткөн далил эмеспи. Бул жерде Н.Г.Чернышевскийдин: «Состав лексикона соответствует знаниям народа, свидетельствует... о его житейских занятиях и образе жизни и отчасти о его сношениях с другими народами» деген оюн мисалга келтире кетсек болот (**45**). Демек, ошентип, баарыдан да тилдин социалдык, тарыхый – лингвистикалык факторлору кызык болмокчу.

Мисалдарды качан, кимден, кайсы учурда жазып алганыбызды көрсөткөнүбүз жок. Ал ашыкча күч болобу деп ойлодук. Мында В.Даль, В.В.Радлов, С.Е.Малов, К.К.Юдахин өндүү лингвисттердин эмгектеринде жогоркудай практиканын жок экендигин эске алдык.

Кыргыз тил илиминде лингвистикалык географиянын маселелери жаңыдан гана сөз болуп жүргөн учур. Ошондуктан, анда тилдин традициялык мүнөзгө ээ болгон изилдөөлөрүнө караганда али талаш, али чиеси чечиле элек, ал гана турсун, өзүбүз көзүн тааный элек маселелерибиз жыш. Мисалы, биз лингво – географиялык пландагы фонетика жана фонология маселелерин;

морфология менен синтаксистин катышын; лексика менен семантиканын бирдигин жана ажырымдарын, диалектилердин структуралык түзүлүшүн; диалектилердин чеги менен андагы рудиментардык көрүнүштөрдүн болушун; этнолингвистикалык жана региондук түйүндөрдүн өзгөрүүлөрүн, алардагы жыйымды жана толкунду, дагы ошондой эле, башка көп сандаган маселелерди чече элекпиз. Мына ушул өңдүү маселелерди чечүү үчүн лексикалык өзгөчөлүктөрдүн таралыш ареалын көрсөтүү лингвистикалык географияда чоң роль ойнору бышык. Ошондуктан В.Далдын мезгилинен бери эле диалектологиялык сөздүктөрдө сөздөрдүн ареалы көрсөтүлүп келе жатат. Ал жагдай «Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгүндө» да колдонулду.

Биз бул метод боюнча сөздөрдүн кайда учурарын, кайдан жазылып алынгандыгын белгиледик. Бирок, анда ареалдык пландагы изоглоссаларда келечекте тактала турган белгилер жок деп айта албайбыз. Ошентсе да, бул сөздүк диалектилик лексиканы жана фразеологияны иликтөөдө ареалдык лингвистика үчүн лингвогеографиялык булак катары көмөк берер деген үмүттөбүз.

Кыргыз диалектологиясында иштеле турган, чечиле турган маселелердин бири субстрат проблемасына байланыштуу. Мисалы, кыргыз тилинин диалектилеринде **менде, арда, шама, өлөң, шорво, шишек, чыз, четек** ж.б. сөздөрдүн жолугушун субстраттык жол менен түшүндүрүү мүмкүн. Кыргыз элинин этногенезистик процессин алганда диалектилердеги мындай калыптануулар өз ара таасирленүү, аралашуу өңдүү жылыштардан улам келип чыгышы этимал. Тилдин диалектилериндеги субстраттык кубулуштарды чечүү үчүн тарыхтын, археологиянын, этнографиянын, антропологиянын маалыматтарына таяна иш жүргүзүү зарылдыгы белгилүү.

Кыргыз диалектологиясындагы экинчи бир чоң маселе — ареалдык лингвистиканын маселеси. Ареалдык көрүнүш субстраттык кубулуш сыяктуу этногенезистик процесске байланыштуу келип чыкпастан, башка – башка тил жана диалектилердин узак мезгил бою контакт түзүүсүнөн, жанаша жашоосунан улам келип чыгары маалым (**лэтувэ рэндэ, эвлэт, тага, дак, дырдан, дысмуна; расса, мусэллэ, мурушкер, ирел; чучук, элэмжээн, пэнжи**) ж.б. Жогоркудай маселелерди кеңири планда изилдөөдө сөздүк ареалдык лингвистикага түрткү берер деп ниеттенебиз.

Ареалдык лингвистика лингвистикалык география менен диалектологиянын эки тизгин, бир чылбырын колго алган илим катары өнүгүүдө. Ал болсо жөн гана фактыларды каттай турган илим болбостон, тарых, социология, этнография, фольклор сыяктуу илимдер менен үзөңгүлөш өнүгө турган илим. Ошон үчүн сөздүк түзүүдө ареалдык лингвистика үчүн талдоого алынуучу лексикалык фактыларды камтууга да аракет болду.

Биз бул сөздүктүн материалдарын жыйноодо тиешелүү эмгектерге да кайрылдык (**46**): китептерден, автореферaттардан, айрым статьялардан 8000дей сөз карточкага түшүрүлдү. Алардын ичинен эң көбү кайталанган сөздөр болуп чыкты. Мисалы, «Кыргызча – орусча сөздүктөгү» 2000ден ашык сөз башка диалектологиялык эмгектерде бирдей экендиги байкалды. **авадан** (ТГ., Н; КОС.,17); **абдесте** (ОГ., 84; КОС., 18); **абзал** (ОГ., 91; КОС.,18); **авылкасым** (ЧГ., 76, 95; КОС.,19; **ава** (ЧГ., 81; ЖАГ., 108; ОГ., 95; КОС., 19);

агорот (ЧГ., 88; КОС., 20); **агыл** (ОГ., 98; КОС., 21); **адашкерек** (ОГ., 84; КОС., 22); **агаркак** (ӨКТӨ., 147; КОС., 20); **адирес** (ӨКТӨ., 147; КОС., 23); **айбаалы** (ТКТӨ; 76; КОС., 28); **айван** (АГ., 90; КОС., 29); **айвакана** (ТКТӨ., 62; КОС., 29); **айлампа** (ТКТӨ., 62; КОС., 31); **әкә** (ОГ., 95; ӨКТӨ., 132; КОС., 38); **акежан** (ТКТӨ., 53; КОС., 38); **әк, аки** (ЧАТКГ., 77; ТГ., 73; ОГ., 90; КОС., 38); **албалы** (ОГ., 92; КОС., 47); **актегар** (ОГ., 90; КОС., 40); **алгы** (ЧАТКГ., 75; КОС., 47); **айна** (ТГ., 73; КОС., 33); **алмачык** (ТКТӨ., 79; ОТ., 92; КОС., 52); **акшар** (ТКТӨ., 79; КОС., 40); **әлмурут** (ӨКТӨ.., 156; КОС., 52); **алтыгат** (ЧГ., 74; КОС., 52); **әмеки** (ӨКТӨ., 129; КОС., 55); **әмдүнә** (ӨКТӨ., 170; КОС., 55); **андава** (ОГ., 90; ЖАГ., 104; КОС., 56); **алчын** (ОГ., 91; КОС., 53); **абжор** (ӨКТӨ., 173; КОС., 18); **апа** (ОГ., 95; ЖАГ., 108; ӨКТӨ., 129 ; КОС., 60); ж.б.д.у.с.

Ал эми диалектологдордун монографияларында да өз ара кайталанган сөздөр жыш мисалы: **челек** (Чаткг.,72; ТГ.,74); **чапчак** (ТГ., 74; Чаткг., 72); **шак кесе** (ТГ., 74; Чаткг., 73); **ку** (73; 73); **можу** (73); **октой//окто** (74; 73); **текмат** (74; 73); **чарвак** (75; 73); **чаркап** (75; 73); **белгүрөк** (75; 73); **сыйыр** (75; 73); **чалгы орок** (75; 74); **бешилик** (75; 74); **четен** (75; 74); **илеки** (74; 74); **оромол** (74; 74); **тывыт** (74; 74); **көптүргү** (74; 74) ж.б.

Ушундай эле лексикалык фактылардын окшоштугу ЧГ менен ТГ материалдарынан же ЧГ менен ОГ материалдарынын арасында; болбосо ОГ материалдары менен ЖАГ, ӨКТӨ материалдарынын ортосунда кыйла кайталанып берилгендигинен көрөбүз. Мисалы: **кыпчыкей** (ЧГ., 76; ТГ., 73); **таралга** (ЧГ., 76; Чаткг., 73); **андава** (ЧГ., 77; Чаткг., 74); **көлүк** (ЧГ., 78; Чаткг., 73); **чар** (ЧГ., 78; Чаткг., 73); **көжө//көйө** (ЧГ., ТГ., 74); **жөрмөлө** (ТГ., 76; Чаткг., 75); **әке** (ККГ., 52; ТГ., 77; Чаткг., 76); **үке** (ККГ., 53; ТГ., 77; Чаткг., 76); **невире** (ТГ., 77; Чаткг., 76); **айна** (ККГ., 53; ТГ., 73); **бокчо** (ККГ., 53; ЧГ., 74); **бөстәк** (ККГ., 53; ТГ., 73); **канар кап** (ККГ., 53; ЧГ., 75); **сыр кесе** (53; Чаткг., 73); **ачыма** (54 ; Чатк., 74); **әсил** (54; 74); **постек** (ОГ., 85; ӨКТӨ., 133); **балыш** (84; 133); **жаван** (85; 134); **дагыра, тепши** (85; 134); **ләгән** (85; 134); **кәмзур** (86; 144); **жегде** (86; 144); **пайтава** (86; 134); **жороп** (86; 144); **пайчеки// пәйшәки** (86; 145); **кәлмә чарым** (86; 145) ж.б.д.у.с.

Мына ушундай кайталоолордун жалпы саны 500ден ашык сөзгө барып такалат. Алардын кай бирлери сөздөрдүн таралыш ареалын көрсөтүү үчүн белгилүү сөздөрдүн тобун тар кайталаса, кай бирлери окуу китебине киргизилип, же жалпы элдик тилдин лексикасындагы алардын ордун көрсөтүп кайталаган. Ошол китептердеги сегиз миңге жакын сөздүн ичинен 3000чесин диалектизм жана диалектилик лексика катары бөлүп алып, анын 2500дөйүн кайра текшерип пайдаландык. Калган 500дөйү китептеги формулировкалары боюнча сөздүккө киргизилди.

Сөздүккө киргизилген сөздөрдүн ареалдары, семантикалык жүгү, идиомалык же фразеологиялык касиеттери, колдонулуш сферасы ж.б. такталып берилди.

Албетте, сөздүктөрдү түзүүдө кандайдыр бир принцип колдонулат. Бирок сөздүктөрдүн баары окшош принциптерге негизделе бербейт, анткени сөздүктү түзүүнүн принциптери ар түрдүү тилдердин ар кыл материалдарына жараша, материалдардын мазмунуна, көлөмүнө, аларды берүүнүн максатына,

иликтөөнүн жолуна, илимдеги ордуна жана ага карата колдонулуучу методго, айтор, түрдүү проблемаларга байланышат. Ар бир сөздүк – өзүнө тиешелүү бир максат коёт. Сөздүктүн тибин жана анын принцибин иштеп чыгууда негизги проблеманын бири – словник проблемасы болуп саналат.

Ал эми словник проблемасы ар кандай диалектологиялык сөздүктөрдө ар башка чечиле берет, анткени ал материалдардын базасында чечилүүчү иш. Бул үчүн биз «Казак тілінің диалектологиялық сөздігі» (Алматы, 1969); менен «Башкорт һейлештеренең һүзлеге» (I, II том, Уфа, 1970) жана Г.Ярринг дин «AN EASTERN Türki-English Dialect Dictionary» (Восточно – тюркский – английский диалектологический словарь, CWK CLEERUP (Lund, 1964) деген ж.б. сөздүктөрдү эле өз ара салыштырып көрсөк, жогорку ойго ишенүүгө болот. Ал эми В.Далдын "Толковый словарь живого великорусского языка" деген сөздүгү менен орус тилиндеги башка диалектологиялык сөздүктөрдү өз ара карап көрсөк, алардын ар биринин өз бетинчелиги бар. Мындан чыга турган корутунду: ар бир сөздүктү ар башкача түзүүгө, ошого жараша принциптерди өзгөртүп алууга боло тургандыгы мүмкүн нерсе. Орус диалектологдору: Г.А.Баринова, Т.С.Короткова, А.Е.Некрасова, И.А.Оссовецкий, В.В.Силина, К.П.Смолиналар диалектологиялык сөздүктү түзүүдөгү принциптин негизги маселеси болгон словник жөнүндө мындай дешет: "В диалектной лексикографии эта проблема (**словник проблемасы. – Ж.М**.) должна решаться по разному (**астын сызган мен. –Ж.М**.) для словарей, которые строятся на разном языковом материале" (**47**) дешет. Ошентип, сөздүктүн словник маселеси түрдүү чечилген өндүү, анын принциби да ар түрдүүчө чечилет. Ушул жерде атактуу лексикограф В.Даль да жогоруда аталган сөздүктү алфавиттик жана уялык принципти аралаштыра колдонуп, өзүнө чейинки принциптен четке чыкканы менен анын эмгеги бозоргон талаада калбаганын эске алсак эле жетиштүүдүр. Сөздүктү түзүүдө 1839 – жылдары эле Г.С.Суровцевтин областык сөздүктө сөз маанилерин кеңири талкуулап, анын колдонулушун жана тыбыштык айкалышын көрсөтүп, этнографиялык кабарлар менен жабдылуу керек (**48**) деген пикири эске алынды. Г.Г.Срезневский сөздөрдүн өзгөчө айтылышы, түзүлүшү, сөз айкалышындагы бөтөнчөлүк, географиялык жактан таралышы ж.б. өзгөчөлүктөрү эске алынсын, ал гана эмес иллюстративдик материал үчүн туташ текст берилсин дегени да эске болду (**49**). Жогору жакта аты аталган сөздүктөр менен бирге Г.И.Куликовдун "Словарь облатного олонецкого наречие в его бытовом и этнографическом применении" (1898), Н.М.Васнецовдун "Материалы для объяснительного словаря вятского говора" (1907), В.Н.Добровольскийдин "Смоленский областной" (1914), А.В.Миртовдун (1929), "Донской словарь", С.Н.Кардашевдин "Курско – орловский словарь" (1956 – 1960), Г.Г.Мельниченконун "Краткий Ярославский областной словарь" (1961), В.Н.Немченко, В.И.Синица, Т.Ф.Мурниковонын "Материалы для словаря русских старожильческих говоров" (1963) жана "Словарь русских старожильческих говоров средней части бассейна р. Оби" (1964 – 1967, т. I – III); "Словарь русских говоров Среднего Урала" (1964) деген ж.б. сөздүктөрдүн үлгүлөрү, сапаттары көңүлгө тутулду. Бул сөздүктү түзүүдө В.Далдын (**50**), Л.В.Щербанын (**51**), С.И.Ожеговдун (**52**), В.В. Виноградовдун (**53**), ж.б. тилчи – лексикографтардын пикирлери ойго алынды.

Диалектологиялык сөздүктөр ар кыл түрлөрүнө жараша: регионалдык сөздүк, микродиалектилик сөздүк, сводный сөздүк, системалык сөздүк, сөздүк – атлас, дифференциалдык сөздүк деп ар түркүн аталып жүрөт. Албетте, алардын ич ара өзгөчөлүктөрү бар.

Сөздүк түзүүнүн түйшүгү оңой – олтоң иш болбогондуктан, лексикографтардын ичинен бирөө да "мен эч бир жаңылбайм, меники гана туура" деп айта албайт. Бардык сөздүкчөлөр эле сөздүк түзүүгө белгилүү даражада чочулоо, санаркоо менен ишке киришкендей. Ал гана турсун орус адабий тилинин 17 томдук сөздүгүн түзүүгө катышкан дасыккан лексикографтарда да андай санаркоо болгондугу белгилүү (**54**). Биздин оюбузча, кыргыз тилчилери котормолуу, түшүндүрмө, орфографиялык, терминологиялык, диалектология сөздүктөрдөн башка да этимологиялык, уялык, жыштык же чуваш тилиндегидей 17 томдук сөздүктү, же башка типтеги сөздүктөрдү түзүүгө киришсе да болор эле.

Жыйнактап айтканда, республикалык басма сөз бетиндеги рецензияларда, талкуулоолордо айтылган сындар кеңири эске алынып, сөздүктөн бул варианты кайрадан иштелип, ондолуп, толукталып редакцияланды.

– Сөздөрдүн маанилерин так терүү, омонимдерди ажыратуу, сөз маанилерин сыпаттоодо мурда кетирилген айрым кемчиликтер, колдон келишинче, ондолду, реестрдик (атоо) сөздөргө түшүндүрмө берилбей калган жерлер болсо, алар түшүндүрмө менен жабдылды, сөздөрдүн негизги жана өтмө маанилерин мүмкүн болгон учурлардын бардыгында сапаты жагынан кайра каралып, сөздүк башынан аягына чейин бүт дагы бир сыйра редакцияланды.

– Экинчи катардагы материалдар кыскартылды (алсак, этимологиялык справка берүү, башка тилдердин сөздөрү менен салыштыруу ж.б.). Өтө кеңири берилген ашыкча этнографиялык маалыматтар да алынып ташталды.

– "Фонетикалык диалектизмдер" да көп учурда бир жерге топтоштурулду же кыскартылды. Анда башка замечаниелер, сындар эске алынды.

– Сөздүктүн мурунку басылышында "ж" тамгасы "жүтө" деген сөз менен токтогон болсо, мында ал аягына чыгарылып, андан тышкары "з, и, й" тамгалары менен башталган сөздөр жана 1970 – жылдан бери жаңы чогултулган лексика кошумчаланды.

Сөздүк ишин талкуулоого катышкан, ага замечание, рецензияларын берген окумуштууларга, бул эмгекти жарыялоого кол кабыш кылган адамдарга ыраазылыгымды билдирем.

Ж.Мукамбаев

XXX

§ 1. "Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү" – келечекте кыргыз диалектологиясы боюнча дагы да жарык көрүүчү ар кыл сөздүктөрдүн алгачкысы. Кыргыз диалектологиясынын тарыхы алдыда. Келечекте маселенин бул жаатында жарык көрүүчү эмгектердин өз ара салмагы, саны, сапаты ар кыл болор. Ошондо советтик кыргыз диалектологиясынын кор – угуту күчөп, улам барган сайын чыналар. Бул эмгек ошолорго из баштаган "бешик берер" төл башы.

§ 2. Кыргыз лексикографиясынын тарыхы менен тажрыйбасында диалектологиялык сөздүк өзүнүн кудурети, маңызы, максаты, ичине кармаган "бечкек" сыры боюнча сөздүктүн башка түрлөрүнөн ажырап турат. Ошондуктан анын аты да, заты да башкача.

Диалектологиялык сөздүктүн коомдук биринчи милдети – тилдин жер – жерлердеги, диалект жана говор, подговор, өткөөл говорлордогу ар кыл типтеги (фонетикалык, морфологиялык, семантикалык, этнографиялык, нака лексикалык диалектизм деп аталган ж.б. түрлөр) сөздөрдү, мүмкүн болушунча, толук камтып, элдин оозеки тилиндеги байлыктарды чогултуп жыйнап жарыялоодо.

Экинчи милдети – лингвистикалык, илимий жана окуу – агартуу, басма сөз, адабий тил алдында практикалык ишти өтөөдө.

Эгерде түшүндүрмө мүнөздөгү сөздүктөр лексиканын бардык катмарларын ичине камтып (мисалы, илимий, искусство, техника, өнөр жай ж.б. тиешелүү ар кыл термин, айкалыш, татаал сөздөрдү, кальканы, бүт неологизмди, китеп сөздөрүн ж.б.) толук эсепке алса, аларды түшүндүрүү, мисалдар менен жабдуу, грамматикалык аныктамаларды берүү өңдүү ж.б. атрибуттары боюнча толук, кең мүнөзгө ээ болсо, диалектологиялык сөздүктөр кандайдыр бир диалектилик дифференциялдык белгилери бар сөздөрдү гана ичине камтып, берки сөздүктөрдөн айырмаланат.

Экинчиден, сөздүктөрдүн толук тибинде сөз маанилерин ачуу, алардын ички берметин туюндуруу, маанилеринин оошуу жолдорун көрсөтүү, доминанттык касиеттерин аныктоо, аналитикалык амалдарын баяндоо ж.б. бөтөнчөлүктөрүн берүүдө, сыпаттоодо системалык ык колдонулуп, өзүнө тиешелүү эни менен ырааттуулукта берилсе, диалектологиялык сөздүктө ал ык толук сакталбайт. Сакталбагандыгынын себеби – материалдын "дифференциялдык" мүнөзгө ээ болгондугунда.

Үчүнчүдөн, сөздүктөрдүн толук тибинде иллюстративдик материалдар бүтүндөй же негизинен илимий көркөм чыгармалардын, публицистикадан, кыскасы, басма булактардан пайдаланса, диалектологиялык сөздүк диалект, говордогу материалдарды транскрипциялап пайдаланып, оозеки источникке таянат.

Сөздүктөрдүн толук тибинде сөздөрдүн маанилери илимий булактардан, же мурда такталып бышыкталган сыпаттардан улам ачылса, диалектологиялык сөздүктө ал мүмкүнчүлүк жок болгондуктан, сөз оозеки речте кандай түрдө, кандай мааниде, кандай оттенокто же стилдик ж.б. касиетте учураса, так ошол динамикасы, сүрөтү, мааниси, элеси менен

катталат. Ал эми диалектилик сөздөр оозеки речте маанилери боюнча адабий тилдегидей ар дайым эле унификацияланып, нормага түшүп учурай бербестен, кээде өтө эле "кыймылдуу" келип, ал турсун кай бирде карама – каршы түшүнүккө да өтүп, жолуга берет. Ошон үчүн диалектилик сөздөр диалектилердин өкүлдөрүнүн тилинде кандай түнөк тапса, ошол түнөгү менен кагаз бетине түшөт.

Жогоркудай толук сөздүктөр лексикалык байлыктарды иретке салуу, нормага келтирүү, илимий аныктамаларды берүү, баяндоо, түшүндүрүү жагынан адабий тилдин үлгүсүн көрсөтүп, ал байлыктарды маданияттын көркөм каражатына, туюнтуп – билдирүүнүн зарылдыгына айландыруу максатын койсо, диалектологиялык сөздүктөр мындай нормалык максаттарды коё албайт, бул анын функциясына кирбейт.

§ 3. Диалектилик сөздөр да адабий тилдеги сөздөрдөй эле элдин, диалект тейлеген коллективдин (изоглосса жагынан ал ар кандай аймакты ээлеши мүмкүн) башынан өткөн, өтүп жаткан турмуш – тиричилигин, материалдык көрүнүшүн, адамдардын ички – тышкы туйгусун, сезимин, көз карашын, жергиликтүү флора, фауна, чарбачылык, географиялык жагдайын ж.б. туюндуруп, ооздон – оозго көчүп келген болот. Ал сөздөр өмүрдүн, турмуштун ар кыл салаа – салаа издерин, кубулуштарын, көрүнүштөрүн чагылтып, аларды атап, аларга күбө болуп жашап келе жаткандыгы сезилет. Демек, мындай болгондон кийин диалектилик сөздөрдү жыйнап, колдон келсе, иреттеп, анан жарыялоо – диалектилер тейлеген элдин тарыхын, этнографиясын, фольклорун, тилин, диалектисинин тарыхын үйрөнүүгө, илимге материал берүүгө жардам кылмак.

Кыргыз диалектилеринин да узактан берки тарыхы бар. Ошол диалектилердин өмүрүнө байланышкан диалектилик сөздөр да бар. Алар, балким, бир нече кылымдан бери жашап келе жаткандай өз учурундагы турмуштун тилге чагылган изи болуп, эң көп сөздөрдүн ичинен жоголгону жоголуп, жоголбогону эми бизге жетип отурат. Ал сөздөр азыр илимдин алкагына тартылып, илимий талдоого алынып, илим үчүн факты болууда. Ошол сөздөрдү чогултуп, тилдин, диалектилердин лингвистикалык не бир кызык кубулуштарынын сырын, тарыхын, кыймылын ачууга пайдалансак, жана аларды кийинки изилдөөлөр үчүн жыйнап койсок – болочокку диалектологиялык же башка бир типтеги сөздүктөрдүн түзүлүшүнө материал берип, база болуу кызматын да өтөмөк.

Диалектилик сөздөрдөн элдин тарыхы, этнографиясы, фольклору, чарбасы, тили ж.б. үчүн үн бергидей белен, даяр сөздөр табылып калат. Алар кандайдыр бир лингвистикалык бөксөлүктү толтурушка эп келип калышы да мүмкүн.

Диалектилерде өз боюна сыр жашырып, илгерки өткөн күндү, же такыр эле унутулуп кеткен зат, буюм, көрүнүш, кубулуш, жасалга, же башка бир окуя, ишке байланыштуу информация, маалыматтты сактап калган сөз, сүйлөм, же жөн эле туюнтма, идиома жолугуп калат. Мисалы: "**Канталаш** кылып, **ак сарбашыл** өткөргөн дейт"; "**Какмачы** үркүтүп, мергенчиси аткан экен", "**Илбээсин кактырган**"; "**Калайлуу** чапан болуптур"; "**Ишкенеге** тоюптур"; "**Кавсар** шакек колго бап"; "Аа, **канасалат**, кыйнаба"; "Э болбогур,

каакы дебечи!" ж.б. Бул өңдүү мисалдардагы белгиленген сөздөр канча дейсиң! Алардын маанисин ачуу үчүн диалектилик сөздөрдү чогултпасак, алардын маанисин кайдан ачып алат элек. Ал эми жер – суунун, адамдардын, көрүнүштөрдүн, буюмдардын атын туюндурган ж.б. сөздөрдө мааниси унутулуп кеткендери да аз эмес. Мисалы: **ысвылы, кайыл, шилээң, бознош, азим, оюн, көкөсүн тааныт, чал мурут, бадал өрмөк, берән кал, бепаян, албынтай, аламач, алакчын, алапа, алык, алабуга, авачыдай** ж.б. сыяктуу сөздөрдү диалектологиялык сөздүктөрдөн табууга мүмкүнчүлүк болот.

Ошентип, диалектологиялык сөздүктү түзүү менен, кыргыз филология илими жана практикасы үчүн кең мүмкүнчүлүктөр ачылмакчы.

§ 4. Диалектологиялык сөздүк диалектилик лексиканын, фразеологиянын, сөз жасоо кубулуштарынын жаратылышын, семасиологиялык процесстерин, тарыхый катмарларын ж.б. көрүнүштөрүн жалпы лексикологиялык, тарыхый диалектологиялык, лингвогеографиялык ж.б. аспектиде изилдөөгө түрткү берет.

§ 5. Диалектилердеги грамматикалык амалдарды, сөздөрдүн өз ара тиркеше келгендеги оромдорду, тыбыштык жана морфологиялык кубулмаларды иликтөөдө да сөздүк тиешелүү материалдарды бере алат. Диалектилик лексиканын ар кыл салаалары бизде азырынча изилдене элек. Чарбачылыкка, тиричиликке, жан – жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнө ж.б. тиешелүү не бир көп сөздөрдү жыйнап, илимге тартууласак, сөздүк илимге кызмат кылат.

§ 6. Сөздүн тизмеси уңгу жана негиз түрүндө алынып, атооч жана этиш экендиги тире менен ажырытылды. Грамматикалык башка белгилер коюлган жок. Сөздөрдүн маанисин чечмелөөдө ылайыгына жараша синонимдер, сыпаттама ык, же этиштин туюк мамилеси менен туюнтуу амалы колдонулду.

Сөз тизмеги сөздөрдүн өзөгүн түзүп, алар мисалдар менен жабдылды. Сөздөр иш процессинде улам – улам такталып, кайра – кайра каралып, ареалдары толукталып отурду. Сөздүккө кеңири тараган диалектилик сөздөр менен бирге говордук, подговордук лексика, көөнөргөн сөздөр кээде стилдик түрдөгү неологизмдер ж.б. киргизилди.

§ 7. Омонимдер өз – өзүнчө ажыратылды. Аларды ажыратууда башка сөздүктөрдөгүдөй эле рим цифрасы колдонулду.

§ 8. Кай бир сөздөр бириккен түрүндө алынды. Кыймыл атооч түрү кандайдыр бир информациялык баага ээ болгондо гана берилбесе, атайын сөз тизмегине киргизилген жок. Кайсы бир учурда лексикалашып же өзгөчө бир формада колдонулган сөз болсо, анын ошол түрү сакталды. Өз алдынча колдонулбай, бирок кандайдыр бир тиркемдин, фразеологизмдин составындагы диалектилик сөз болсо, ал ошол тутумдан бөлүнүп, реестрге киргизилди, бирок андан кийин тиркеми берилип, мааниси чечмеленди.

§ 9. Сөздүктөгү макала негизинен төмөнкү тартипти сактады:

а) атоо сөз; б) ареалдык белги; в) стилдик пометка (керек, зарыл жерлерде); г) чечмелөө, аныктоо; д) иллюстративдик материалдар; е) зарыл жерде экстралингвистикалык справка; ё) фразеологиялык туюнтмалар.

§ 10. Сөз маанилери араб цифрасы менен ажыратылды.

§ 11. Сөз маанисин ачууда, айрыкча флора, фауна, этнографизм ж.б.

тиешелүү сөздөр болгон кезде окурмандардагы элес кеңири болсун үчүн аны сыпаттоонун мүмкүн болушунча толук түрү колдонулду. Кээде окурмандардын баарын филолог эмес экени эске алынып, туюндуруунун грамматикалык шайкештигине, табигатына негизги басым коюлбастан, көбүнчө анын жеткиликтүү жагы көңүлдө болду. Сөз маанилерин ачууда шилтөө амалдары колдонулбады.

§ 12. Эгер фразеологизмдер көп маанилүү болуп калса, алардын маанилери да ажыратылып берилди. Идиомалар болсо алардын составындагы ар бир сөз боюнча эле бериле бербестен, ошол составындагы диалектилик сөзгө карата бир эле жолу берилди.

§ 13. Иллюстративдик материалдар мүмкүн болушунча кыска түрдө бирден гана мисал катары берилди. Алардын стилдик, структуралык өзгөчөлүктөрү ошол боюнча фотографияланды.

Тиркеме № 1.

ТРАНСКРИПЦИЯЛЫК БЕЛГИЛЕР

1. Реестр (атоо) сөздөр, сүйлөмдөр баш тамга менен жазылды.
2. Тыныш белгилери адабий тилдегидей берилди.
3. Йоттошкон тамгалар кыргыз диалектологиясындагы традицияга байланыштуу транскрипцияланып берилди.
4. Тил алды ичке, кыска үндүүнү белгилөө үчүн **ә**, созулма түрү үчүн **ää** тамгалары колдонулду.
5. Эринчил дифтонгуларды белгилөө үчүн **w** тамгасы пайдаланылды.
6. Үндүүлөрдүн ортосундагы, уяң үнсүздөрдүн үнсүздөрдөн кийинки жана сөз башында **б** колдонулуучу тыбышты белгилөө үчүн **в** тамгасы алынды (ал бирде (**б**) тыбышынын вариантын да туюндурат).
7. **х** тамгасы көмөкөйчүл спирант (**h**) тыбышын жана (**к**) тыбышынын өзбек говорлорундагыдай орточул (**х**) тыбышына өткөнүн жана кабыл алынган сөздөрдөгү тыбыш учурарын туюндуруу үчүн алынды.
8. Кээ бир жердеги аффриката уччул тыбышты туюндуруу үчүн **ц** тамгасы колдонулду.
9. Байыркы созулмалар азыркы орфографиядагыдай эле үлгү менен берилди.

Тиркеме № 2

1. АРЕАЛДАРДЫН КЫСКАРТЫЛЫП АЛЫНГАНДАРЫ

акт.	–	Ак – Талаа тарап
ал.	–	Алай тарап
алб.	–	Ала – Бука тарап
алк.	—	Алай – Куу тарап
ар.	–	Араван тарап
атб.	–	Ат – Башы тарап

базк.	–	Базар – Коргон, Ленин (**Азыркы Ноокен. – ред. К.К.**) райондору тарап
жерг.	–	Жерге – Тал, Шаартуз райондору тарап (Тажикстан)
жетг.	–	Жети – Өгүз тарап
жжол.	–	Жаңы – Жол (**Азыркы Аксы. – ред. К.К.**) тарап
жумг.	–	Жумгал тарап
зам.	–	Заамин, Бөкө ж.б. жерлердеги кыргыздарда (Өзбекстан)
карс.	–	Кара – Суу тарап
кочк.	–	Кочкор тарап
кетм.	–	Токтогул району тарап
ккырг.	–	Казакстандагы кыргыздарда
кул.	–	Куланак тарап
нар.	–	Нарын району тарап
ноок.	–	Ноокат тарап
өзг.	–	Өзгөн, Совет (**Азыркы Кара-Кулжа. – ред. К.К.**) райондору тарап
пам.	–	Памир тарап
суз.	–	Сузак тарап
сүл.	–	Сүлүктү тарап
тал.	–	Талас өрөөнү
тоң.	–	Тоң району тарап
тторо.	–	Тогуз – Торо тарап
түнд.	–	Түндүк ареал
түп.	–	Түп району
түшт.	–	Түштүк ареал
тянш.	–	Тянь – Шань тарап
чүй.	–	Чүй ареалы
ыск.	–	Ысык – Көл ареалы

2. КОШУМЧА АР КЫЛ КЫСКАРТУУЛАР, ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР

ж.б.	–	жана башка
мак.	–	макал
миф.	–	мифологиялык
өтм.	–	өтмө маани
сал.	–	салыштыр
сейр.	–	сейрек
тар.	–	тарыхый
терг.	–	тергеме
эск.	–	эскирген
//	–	паралель колдонулат деген белги
+	–	уңгуга мүчө жалганганда
=	–	барабар болгондо деген белги
<	–	...га деген белги
>	–	...дан деген белги

Тиркеме № 3

СӨЗДҮКТӨ КОЛДОНУЛГАН ТАМГАЛАР

А а, АА аа, Ә ә, ӘӘ ә, W w, Б б, В в, Г г, Д д, Ж ж, З з, И и, Й й, К к, Л л, М м, Н н, ң, О о, ОО оо, Ө ө, ӨӨ өө, П п, Р р, С с, Т т, У у, УУ уу, Ү ү, ҮҮ үү, Х х, Ц ц, Ч ч, Ш ш, Ы ы, Э э, ЭЭ ээ.

ЭСКЕРТҮҮЛӨР

1. Т.Ахматов. Диалектологиялык жаңы эмгек. "Кыргызстан маданияты", 1972, 20. VII. № 29 (289); С.Иманалиев. Баалуу эмгек, "Мугалимдер газетасы", 1972, 16. IX. № 75 (1777); С.Өмүрбаев. Сөз дыйканы, "Мугалимдер газетасы", 1973, 25 – II; Илимий эмгектердин идеялык – теориялык деңгээли жогору болсун, "Советтик Кыргызстан", 1973, 19. VI; М.Ш.Ширалиев. Состояние и задачи дальнейшего развития тюркской диалектологии, "Советская тюркология", 1973, № 2; А.Н. Кононов. Некоторые итоги развития советской тюркологии и задачи советского комитета тюркологов, СТ, 1974, № 2; Э.В.Севортян. После октябрьская тюркология в Академии наук СССР, ВЯ, 1974, № 5; Этимологический словарь тюркских языков, 1974, стр. 9; К.М.Мусаев, Ж.Мукамбаев. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү, СТ. 1974, № 3; Ш.Ш.Сарыбаев. Проблемы казахской региональной лексикографии, Алма – Ата, 1973.
2. Бул термин проф. Б.М.Юнусалиевдин "Кыргыз диалектологиясы" деген китебиндеги классификациясы боюнча алынды (1974, 82 – 83 – беттер).
3. Г.Ярринг. An eastern türki-english Dialekt Dictionary (Восточно – тюркский – английский диалектологический словарь), CWK Cхeerup – Xunө, 1964.
4. Г.Дерфер. О состоянии исследования халаджской группы языков, ВЯ, 1972, № 1.
5. Б.М.Юнусалиев. Кыргыз диалектологиясы, Фрунзе, 1971, 107 – б.
6. И.А.Батманов. Фонетическая система современного киргизского языка, Фрунзе, 1946, 44 – б.
7. Т.Ахматов. Кыргыз тилинин Талас говору, Фрунзе, 1959.
8. Э.Абдуллаев, Ж.Мукамбаев. Кыргыз диалектологиясынын очерки, Фрунзе, 1959, 54 – б.
9. Г.Бакинова. Кыргыз тилинин Ош говору, Фрунзе, 1956.
10. "Древнетюркский словарь", Л., 1969, 650 – 651 – беттер.
11. К.М.Мусаев. Караимский язык, М., 1966, стр. 120 – 121.
12. "Древнетюркский словарь", стр. 651 – 656. Бул өндүү фактылар азырынча жөн гана саналып берилди. Алардын ар биринин тарыхын, говордук – диалектилик системадагы ички өнүгүп – өзгөрүү механизмин ачып берүү кыргыз диалектологиясы үчүн кызык маселелерден болмокчу.
13. Морфологиялык жогорку белгилер кыргыз диалектологдору тарабынан айрым говорлордо кезигээри мурда эле белгиленген. Караңыз: Г.Бакинова. Кыргыз тилини Ош говору, Фрунзе, 1956; Э.Абдуллаев, Ж.Мукамбаев. Кыргыз диалектологиясынын очерки, Фрунзе, 1959; Б.М.Юнусалиев. Кыргыз диалектологиясы, Фрунзе, 1971.
14. Талкуунун жүрүшүндө практикалык, теориялык жана техникалык мүнөздөгү көп маселелер коюлган эле. Алардын баарына ушул сөз башында жооп кайтарсак деп ойлогон элек. Бирок анын баарына кеңири токтолууга мүмкүнчүлүк болбоду. Ошон үчүн кайсы бир маселелерге жооп берип чечмелөөгө орун тийбей калды.
15. КОС – К.К. Юдахин. Кыргызча – орусча сөздүк, М., 1965.
16. Б.М.Юнусалиев. Кыргыз диалектологиясы, Фрунзе, 1971.

17. Э.Абдуллаев, Г.Бакинова, С.Кондучалова, С.Сыдыков. Тянь – Шандык кыргыздардын тилиндеги өзгөчөлүктөр, Фрунзе, 1960.

18. Э.Абдуллаев, Г. Бакинова, Н. Бейшекеев. Өзбекстандагы кыргыздардын тилиндеги жергиликтүү өзгөчөлүктөр, Фрунзе, 1962.

19. Г.Бакинова, С.Кондучалова, С.Сыдыков. Кыргыз тилинин Чүй говору, Фрунзе, 1959.

20. Г.Бакинова, С.Кондучалова, С.Сыдыков. Кыргыз тилинин Жалал – Абад областынын говорлору, Фрунзе, 1958.

21. Бул мисалдар Ж. Болатовдун "Қазақ тілінін чыгыс говорлар тобы және оның әдеби тілге катысы" деген эмгегинен алынды (II том, 938 – 945 – бб.).

22. Х.Гуломов. Из лексики ургутского говора, "Вопросы тюркологии", Ташкент, 1965, 73 – 74 – б..

23. А.Ишаев. Из лексики узбекских говоров Каракалпакии, "Вопросы тюркологии", Ташкент, 1965, 113 – 115 – б.

24. Б.Осмоналиева. Махмуд Кашкаринин сөздүгү кыргыз терминологиясынын улуттук негизин изилдөөнүн булактарынын бири. "Кыргыз терминологиясынын маселелери", Фрунзе, 1972.

25. С.Кудайбергенов Грамматические параллели монголо – тюркских языков. Вопросы тюркологии. Ташкент, 1965, 39 – 49 – б.

26. В.И. Ленин. Чыгармалардын жыйнагы, Фрунзе, 35 – т., 235 – б.

27. К.Маркс, Ф. Энгельс. Сочинения, изд. второе. М., 1961, т. 20, стр. 333.

28. Э.Абдуллаев, Г.Бакинова, Н.Бейшекеев. Өзбекстандагы кыргыздардын тилиндеги жергиликтүү өзгөчөлүктөр, Фрунзе, 1962, 156 – 158 – б.

29. В.И.Прохорова. Диалектизмы в художественной литературе, М., 1957.

30. В.И.Абаев. Язык и история, сб. Теоретические проблемы советского языкознания, 1968, стр.41; А.Салиев. Мышление как система. Фрунзе, 1974, стр. 203 – 223.

31. К.Маркс, Ф. Энгельс. Сочинения, изд. второе. М., 1961, т. 19, стр. 521 – 522.

32. К.Маркс, Ф. Энгельс. Сочинения, изд. второе. М., 1961, т. 19, стр. 521 – 522.

33. К.Маркс, Ф. Энгельс. Сочинения, изд. второе. М., 1961, т. 19, стр. 523.

34. К.Маркс, Ф. Энгельс. Сочинения, изд. второе. М., 1961, т. 19, стр. 532.

35. К.Маркс, Ф. Энгельс. Сочинения, изд. второе. М., 1961, т. 19, стр. 531.

36. Мындай учурда адамдын кулк мүнөзүн иретке салуучу социалдык – моралдык факторлор, кишинин ички туйгусун кыймылга келтирүүнүн физиологиялык механизмдер болорун көңүлгө кармоого тийишпиз.

37. Псковской областной словарь с историческими данными. Л., вып. 1, 1967.

38. Русская диалектология. М., 1972, стр. 288.

39. А.М.Бабкин. Предисловие. Толковый словарь В.ИДаля; В.В.Даль. Толковый словарь живого великорусского языка, М., 1956.

40. А.О.Подвысоцкий. Словарь областного архангельского наречия в его бытовом и этнографическом применении, СПБ., 1885.

41. И.Т.Смирнов. Кашинский словарь. Сб. ОРЯС, 1901, т. 70,5.

42. Русская диалектология, М., 1972, стр. 284.

43. Ф.П.Филин. Проект словаря русских народных говоров. М – Л., 1961, стр. 139; Словарь современного русского народного говора. М., 1969, стр. 31.

44. Окказионалдык сөздөр кээде жеке индивидуалдык неологизм деп аталып, өзгөчө жазуучулардын чыгармаларында көп жолугары, бул жагынан В.Маяковский, С.Есенин, Н.М.Карамзин, М.Е.Салтыков – Шедрин, Ф.М.Достоевский ж.б. авторлордун жазгандарында кыйла кезигээри орус филологдору тарабынан ачык эле изилденген. Караңыз: Б.Ларин. Рождение слова, М., 1973; А.В.Калинин. Лексика русского языка, М., 1966. Мында В.И.Лениндин чыгармаларында, мисалы, **партийность** деген сөз улуу гений тарабынан биринчи колдонулгандыгы айтылат.

45. Известия АН СССР, ОЛЯ, 1946. т. V. № 2, стр. 77 – 78.

46. Э.Абдуллаев. "Кыргыз тилинин Чаткал говору", Фрунзе, 1956. (мында 240тай сөз); Э.Абдуллаев, Г.Бакинова, Н.Бейшекеев. Өзбекстандагы кыргыздардын тилиндеги жергиликтүү өзгөчөлүктөр, Фрунзе, 1962 (мында 1200дөй сөз); Э.Абдуллаев, Г.Бакинова, С.Кондучалова, С.Сыдыков. Тянь – Шандык кыргыздардын тилиндеги өзгөчөлүктөр, Фрунзе, 1960 (мында 500дөй сөз); Т.Ахматов. Кыргыз тилинин Талас говору, Фрунзе, 1959 (мында 320дай сөз); Г.Бакинова. Ысык – Көл говорунун материалдарынан, Фрунзе, 1955 (мында 150гө жакын сөз); Г.Бакинова. Кыргыз тилинин Ош говору, Фрунзе, 1956 (мында 400гө жакын сөз); Г.Бакинова, С.Кондучалова, С.Сыдыков. Кыргыз тилинин Жалал – Абад областынын говорлору, Фрунзе, 1958 (мында 400гө жакын сөз); Г.Бакинова, С.Кондучалова, С.Сыдыков. Кыргыз тилинин Чүй говору, Фрунзе, 1959 (мында 320дай сөз); Н.Бейшекеев. Казакстандагы кыргыздардын тилдик өзгөчөлүктөрү. Фрунзе, 1967 (мында 250дөй сөз); Ш.Жапаров. Кыргыз тилинин Лейлек говорунун лексикалык өзгөчөлүктөрү, 1969, (канд. дисс. 1000дей сөз); К.К.Юдахин. Кыргызча – орусча сөздүк, М., 1965 (мында 3000дей сөз); Б.М.Юнусалиев. Кыргыз диалектологиясы, Фрунзе, 1971 (мында 1600дөй сөз).

47. Словарь современного русского народного говора, М., 1969, стр. 8.

48. Г.С.Суровцев. Нечто о собраниях областных слов (статья), Казань, 1839.

49. Г.Г.Срезневский. Программа для собирания образцов языка и словестности, Спб., 1851.

50. Русская диалектология, М., 1972, стр. 279.

51. Л.В. Щерба. Опыт общей теории лексикографии. Изд. АН СССР, ОЛЯ, 1940, № 3.

52. С.И.Ожегов. О трех типах толковых словарей русского языка, ВХ, 1952, № 2.

53. В.В.Виноградов. Толковые словари русского языка, сб.: Язык газеты, 1941.

54. А.М.Бабкин. Лексикография. сб.: Теоретические проблемы советского языкознания, М., 1968, стр. 284.

– А –

А I *лейл.* сырдык сөз (жактырбагандыкты, тоотпогондукту билдирип, «койсоңчу» деген ойду баяндайт); *а, онуңуздү тән авайт.*

А II: а–бу *түнд.* 1. ана – мына; *а–бу деп көңүл айталы*; 2. *өтм.* сеп эттирүү; *бул агага «а–бу» кылайын.*

А III: а күчүк, ба күчүк *жерг.* чикит ойнунда баласын узун таштап коюп, аттатып туруп секиртип чабуу фазасы; *а күчүк, ба күчүк, ол кара күчүк.*

АА I *батк.* ыя (бирөөнү чакырганда жооп бере турган сөз); *ишке бардыңбы? – аа, нимне дединг?*

АА II *ыск.* ага (ал+га); *жаш баламды аа берем деп.*

ААГЫЛ *батк. к.* агыл (сал. тув. аал «айыл, короо, үй»); *аагылда ат бар.*

ААДАН *ыск.* 1. наадан; *ааданды жолуна салдым*; 2. *терг.* жаңы келген жаш келин.

ААЛАЙЫНА *жерг.* ачык, жарыя; *аалайына ашык болупум.*

ААЛАТ *ыск.* наалат; *ок десе, ата–бабаңа аалат келтирбе.*

ААЛТЫ *баткч.* алты; *аалты катын тәжийәгә барса, әл–әлиге ырдайт* (мак.).

ААЛЫ *ыск.* наалы; *өтүгүнүн аалысы кыйшактап калыптыр.*

ААНАНДА *ал.* тээтигинде; *ананда турган мышыкпы?*

ААПАТТУW *батк.* балакеттүү, кырсыктуу; *аапаттуw жыл болду.*

ААР *ыск., чүй.* аппетит; *а десе аарын ачкан, аарына заарын чачкан, башында калканы бар куп жарашкан* (таб. самоор).

ААРЛА *жерг.* аярла; *ак дәкәдәй аарлап, жуwуп койгон ырым бар.*

ААРЧАКТА: аарчакта–көөрчөктө *лейл.* көбүрүп – жабырып ташуу; *аарчактап–көөрчөктөп кетет.*

ААРЧЫ I *тяньш.* күздүн күнү сүт азайып калганда бир нече үй өз ара кезектешип сааңды чогултуп, айран уютуп, каймак алуу жөрөлгөсү; *аарчы бышып жатканда кайдан келдиң?*

ААРЧЫ II *тал., терг.* желе турган талаа өсүмдүгү (ышкын, көбүргөн, согон, чүкүрү).

ААРЫ I: жер аары *батк.* сары аары; *әсәл аары, жер аарысы кулак тындырвайт*; **кавак аары** жапайы чоң кызгылт, кара аары; *кавак аары жаман чагат.*

ААРЫ II *пам., жерг., ноок.* чарча, чаалык; *мен айавай аарыдым.*

ААРЫ III *лейл.* аарчы; *дәсоромол тиккен, шого кол аарды.*

ААРЫК *пам.* арык; *быйыл койдун баары аарык;* **аарык эчки кой баштар** ◊ *өзү эчтеме билбей туруп, башка бирөөгө жол көрсөтөт деген маанидеги идиома.*

ААРЫТ *түшт.* аарчыт; *пийәз аарытып кой.*

ААЧ *пам.* ач; *курсагы жүдә аач болду* (сал. түрк. аач.)

ААЧЫ *ыск., чүй.* аарчы; *ой, бала, колуңду аачып келсең боло.*

ААЧЫЛ *ыск.* аарчыл; *мокок экен, деле аачылвай койду.*

ААЧЫН *ыск.* аарчын; *бети–башыңды аачынып келсең боло, балам.*

ААЧЫТ *ыск.* аарчыт; *балдарга картөшкөнү аачытып кой, макулбу?*

ААЧЫШ I *ыск.* арчышуу; *ай, арамдар, батыраак аачышкыла.*

ААЧЫШ II *ыск.* аарчуу; *картөшкө аачыш эле оңой бекен?*

ААШ *батк.* коош (сырдык сөз); *ааш, онон дагы* (сүрөө иретинде).

АББААНЫ *өзг.* калпычы, жалганчы; *жээним айавай аббааны болду.*

АББААНЫЧЫЛЫК *өзг.*

калпычылык, жалганчылык; *аббаанычылыгыңды койуп жүрсөң.*

АБДАЛ *өзг., чатк.* буурсун; *абдал менен беш теше жерди бир күндө айдачувуз.*

АБДАРА *түнд.* тактайдан сомдолуп жасалган чоң сандык; *абдара сандык азар жок* (сал., монг., каз. диал. абдыр, авдар).

АБДЕЗДЕ *өзг. к.* абдесте; *абдездеде чай кайнап атат.*

АБДЕС *суз. к.* абдесте; *ке, абдеске суу куй.*

АБДЕСТЕ *ош, зам.* 1. узун чорголуу, мойну бийик, суу куюучу идиш; *бир колунда абдесте* (сал. абдес, абдезде); 2. *өзг.* аллюминийден жасалган кумган; *Касым абдестени суугa түшүрүп живериптир*; 3. *жерг., өтм.* сото; *жерден чыгат шәйләнип, абдестесин бәйләнип* (таб. мекенин сотосу).

АБДИК *түнд.* уруунун аты; *моңолдордун ичинде абдик уруусу бар.*

АБДЫРАКАЙ *жерг.* быт – чыт; *бу ойун заматта абдыракайын чыгарды.*

АБДЫРАКМАТ *зам.* кышкы чилде мезгилинен кийинки үч күндүк убак; *үч күн – абдыракмат, үч күн – нооруз.*

АБДЫРАШМАН *жерг.* адырашман; *Эмилбек абдырашман алып келчи, ысырыктайлы.*

АБЖАЛ *жерг.* 1. көбөй, арбы; *олор көп абжалвады*; 2. *кашк.* жабалакта; *биз жакта чечек абжарып чыкты*; 3. толкунда; *абжалып авазым кевейт*; 4. бой эрүү; *бара-бара абжалып кеттим*; 5. *өтм.* ишти бүткөрүү, аяктоо; *иштер абжалды.*

АБЖАЛДЫР *жжол.* көктөнүп, бүрдөнтүү; *мүдөөнү абжалдырбады.*

АБЖЕ *өзг. к.* апиче, апче; *абжем айылдан келди.*

АБЖИП *түнд., эск.* 1. башты айландыруунун эмчилик жолу (кандайдыр бир тамакка адамдын өзүнө көрсөтпөй туруп дубалатып чач, жип, тырмак, заң ж.б. аралаштырып адамга берсе, ал адамды бара – бара арыктатып, денесин тешип чыгып өлтүрөт имиш); 2. ушул оору менен ооруган адам; 3. *батк.* алжыган адам; *абжип болгон киши.*

АБЖӨР *пам., жерг.* маш, эпчил, өткүр; *абжөр киши.*

АБЖӨРЛӨН *пам., жерг.* кошоматтан; *нимне абжөрлөнөсүң?*

АБЖУР *өзг., жерг. к.* абжыр; *абжүрсүң ээ.*

АБЖЫЛ *пам.* кыйын; *абжыл иш.*

АБЖЫЛДЫК *пам.* кайындык; *ол абжылдыгыдан өрттөн кутулду.*

АБЖЫР *лейл., пам., зам., жерг.* 1. шамдагай, тың; 2. тапкыч, эпчил; 3. *батк.* чапчаң, чакан; *абжыр бала болуптур.*

АБЖЫРЛЫК *пам.* 1. эпчилдик, тапкычтык; *абжырлыгынан үйүнү тез тургузду*; 2. *батк.* шамдагайлык; чапчандык; *баскан-турганыдан абжырлыгы көрүнүп турат.*

АБЗАЛ *пам., батк., жерг.* 1. курал, аспап (устачылыкка тиешелүү инструменттер); *устанын абзалы көп экен*; 2. *батк.* өрмөктүн аспаптары (күзүк, такта, кылыч ж.б. жалпы аты, бул сөз көбүнчө "кыпчактарга" мүнөздүү болгон. Сал. таж. афзол); 3. *жерг., батк.* токум; *ат тапкыча абзал тап, пул тапкыча эсеп тап* (мак.); 4. *чатк., лейл., ар., жерг.* буурсун, амач; *алтындан абзал курдурган*; 5. *пам.* зарыл, керек; 6. оң иш, пайдалуу иш.

АБЗЕЛ I *түшт.* ат жабдыктары; *абзелсиз эркек болвойт, әйнексиз әйәл болвойт* (мак.).

АБЗЕЛ II *түшт., кочк.* сонун, жакшы, өйдө; *чүйрүңдөшүп жүргөнү абзелби?*

АБЗЕЛ III *түшт., кочк.* үмүт, ишеним; *абзели күчтүү адам экен.*

АБЗЕЛДҮҮ *тяньш.* жакшына, татына, көркөм; *абзелдүү көргөзөт.*

АБЗИ *пам.* сырдык сөз (ыраазы болгондукту билдерет да, "бай болгур!" деген түшүнүктү берет); *абзи, дурус болду.*

АБЕРЕГИ, АБЕРЕГИЛ *ыск., чүй.* мына бул; *аберегил кантээр экен.*

АБЕРКИ *ыск.* ал берки; *аберки бала кайсы бала?*

АБИЖЕ *өзг. к.* абже; *абижем бар.*

АБИЙ *пам., сейр.* апа, эне (чоң эне бар кезде бала өз энесин "абий" дейт); *абийим айтса, мен жасайм.*

АБИЙЕНЧИК *ыск.* корукчу (*көбүнчө карагай кайтарган адам*).

АБИЙЕШЧИК *ыск. к.* абийенчик; *Апаш, абийешчик да болуп жүрвө?*

АБИРЕ *жжол.* абийир; *алакандай абиреси калбаган.*

АБЛАК *жерг.* акмак, акылсыз; *хэ, аблак, сен кайдан келдиң?* (сал., таж., аблах).

АБРА I *түшт.* чогулуу, жыйылуу, көбөйүү (адамга карата); *эл абра болду.*

АБРА II *лейл.* 1. кездеменин бир түрү; *Умсунга абра, эллэстэн жыртты*; 2. *батк.* ашатылып ийленип коюлган көрпө; *көрпөнү абра кылып койдум.*

АБРЕЗ *лейл. к.* эврез (сал., таж., өзб. обрез "абрез"); *абрезге сүw төк.*

АБРОЙ *пам.* кебете – кешпир; *абройу сүwүк.*

АБРУ *жерг.* аброй, урмат, сый; *абрусу жок адам.*

АБТОО *түшт.* идиштин аты.

АБТОРОЙ *лейл., батк.* күнөс, күн чубак (кыш мезгилинде күн жакшы тийген кезде эшиктин алдын шыпырып тазалап отурган жер); *абторойго чыгалы, жүргүлө.*

АБЫГЕР *тяньш., чүй.* азап, кыйноо; *Макиш, кур абыгер чекпейли.*

АВА I *өзг., батк., ыск., суз.* 1. ага (эркек балдардын улуулары кенжеси үчүн жалпы жонунан ава деп аталат да, тагыраак айтканда "чоң ава (улуу ава, ортончу ава, кичүү ава" болуп айтылат. Бул сөз Чүй, Ош ж.б. аймактарда мүнөздүү учурабайт); *ава деп издеп келвестир*; 2. *пам., кочк., ыск.* ата; *биз ававыздан: экэм, мен, үкэм–үчөwүз*; (сал. тув. ава "эне"); **жийэн ава** *жерг.* жээндин эң улуусу; *жийэн авам келиптир;* **кэттэ ава** *лейл.* чоң аба.

АВА II: ава айланды *жерг., лейл.* күн бүркөлдү; *ава айланды, боз болду*; авада, оводо, бийикте; *авада чолпон жылдыздай.*

АВААТ *лейл.* илгерки уруунун аты (бул уруу Катыран, Өзгөрүш, Дара, Жоопайа, Кой – Таш, Кулунду деген жерлерде жашаган); *аваат жашаган жерлер.*

АВАДАН I *тал., чатк.* абдан; *авадан кыйын иш турвайвы.*

АВАДАН II *чүй.* уруунун аты; *авадан уруусу болуптур.*

АВАЖАН *батк.* абаке; *аважан дедим го.*

АВАЗ *ичк.* 1. уккулуктуу обон, үн; *комуз менен сүйлөтчү әде*; *аваз эде*; 2. кобур – собур, күбүр – шыбыр; *сыртта аваз болгонсуп жатат*; **авазы таза** *өзг.* обону, үнү бийик; *авазы таза акын боло калсамчы.*

АВАЗА I *өзг., жжол.* үйдүн үстүнө топурак көтөрүп чыгуу үчүн тепкичтери жакын – жакын кагылып, үч жоон жыгачтан жасалган шаты; *аваза күчтүү экен.*

АВАЗА II *лейл.* 1. кумар, кызыкчылык; **авазың кетет** ◊ *ушунчалык кызыктырат, кызыктырып таңдандырат*; 2. даңк, даңаза; *авазасы таш жарат*; **аваза–шаваза** *жерг.* уу – дуу; *аваза–шаваза кылат.*

АВАЗКӨЙ *түшт.* күлмүндөгөн оюнкараак, кылыктуу; *жеткен авазкөй экен.*

АВАЗКӨЙЛҮК *түшт.* кызыкчылык, сонуркоочулук; *өз авазкөйлүгүн өзү тыйат.*

АВАЙ I *суз.* 1. аба, абаке, агай; *авайым кайда экен*; 2. ата.

АВАЙ II 1. *түнд., терг.* үзүк боо; *авай уулу алтоо, төвөй уулу төртөө, совой уулу сол жалгыз* (таб. үзүк боолор, түндүк боолор, босогонун сызмасы); 2. *жерг.* ат жабуунун моюндан башка жерге келген бөлүгү; *адамдын көркү – бала дейт, авайы бар атчан киши*; 3. *зам.* илгерки уруунун аты (бул уруудан манак, байан тобу тараган); *авай – авай ашкавак, ичкен ашы беш тавак, беш тавак(к)а тойвогон, жугундусун койвогон* (элдик акыйнектен); *авай урууу бар.*

АВАЙЕК *чүй.* жүнү жетилип кулпунган кийик; *авайектин териси эмей эмне, алты кочкор мүйүзү эмей эмне* (адаштырма).

АВАЙЛУW: авайлуw жер *жерг.* аярдай турган жер; *авайлуw жерден этийэт кыл.*

АВАЙСЫЗ *чүй, ыск.* кокус; *бул иш авайсыз болгон;* **авайсыз өлүм** *чүй.* күтүлбөгөн өлүм, кокус өлүм; *авайсыз өлүм күчтүү экен.*

АВАЙЫЛ *тяньш.* авай; *авайыл алтоо, төвөйүл төртөө* (таб. үзүктүн алты, түндүктүн төрт боосу).

АВАЙЫМДА *ыск., чүй. к.* авай**.**

АВАК *пам.* туш – тарабы камак келген жер; *авак жер бар.*

АВАКЕ *ыск.* агатай; *аваке, ушунчалык да иш кыласызбы?* (сал. авай); **авакеси** *ыск.* аваке, авакетай; *айланайын, авакеси, ал эмне дегениңиз?*

АВАКЕВАЙ *ыск. к.* аваке.

АВАКЕНАЙ *ыск.* аваке; *авакенай, мени айасаңыз бирдеме дей көрвөңүз.*

АВАКЕТАЙ *ыск. к.* авакенай; *авакетай, ура көрвө, айланайын авакетай, тийсем эле өлөйүн*!

АВАККАНА *түшт.* түрмө жай; *авакканаңын жанында жолугуптур.*

АВАЛ I *ыск., чүй, өзг.* обол ; *авал ырда, анан жооп берем;* **авал мурун** эң мурун, а дегенде; *авал мурун сен сүйлө, анан мен коштойун.*

АВАЛ II: абал баар *түшт.* көктөм мезгили; *авал баар болгондо эл жайлоого конгондо.*

АВАЛ III *ыск., чүй.* ал жай, жөн жай; *авалы кандай?* **ал – авал** *ыск., чүй.* ал – ахвал; *ал – авалың айтчы?*

АВАЛ IV: авал куран *кашк.* куран.

АВАЛ V: авал мурут *кул., акт., ттор.* мурут.

АВАЛА I *ыск.* ава – ава деп кайталап айтуу; *өз авасын авалай алвай, киши авасын авалайт* (мак.).

АВАЛА II *жерг.* абал мурун; *авала сен келвегин, сен келгенден кийин барвайынча койвоймун.*

АВАЛА III *ыск.* оболо; өйдөлөп, бийиктеп, асмандап учуу; *авалап учуп асманга чыкты.*

АВАЛАЙ *ыск., терг.* үзүк; *авалай алтоо, төвөлөй төртөө, сополой сок жалгыз* (таб. үзүктүн алты боосу, түндүк жабуунун төрт боосу, эшиктин бир боосу).

АВАЛАК *түнд., жжол.* ордо ойнунда чүкө чертип атуу үчүн колдонула турган жалпак, төрт бурч мүйүз; *авалак менен атавыз*; **авалак атмай** *жжол.* чакан беш ойнунун бир фазасы; *авалак атмай баштадат.*

АВАЛЕКИ *жерг.* адагенде, эң мурун; *авалеки сен сүйлөсөң, онон мен сүйлөйм.*

АВАЛДИ *жжол.* тукум, урук; *хан авалдинен экен.*

АВАЛИ *кашк.* үй; *авали салат.*

АВАЛКЫ *чүй, ыск.* мурунку; *авалкыдан айта отур.*

АВАЛТАДАН *ыск., чүй.* илгертеден, мурунтадан; *авалтадан келе жаткан салт.*

АВАЛТАН *ыск.* мурунтан, илгертен; *ата-энени сыйлоо-авалтан келе жаткан милдет эмеспи.*

АВАЛЫ *ыск., чүй.* оболу; *авалы атаман кавар айтчы.*

АВАМЖАН *батк.* абакем; *аʻамжанды эстесем жүрөк козголот.*

АВАН *ыск., чүй.* обон; *ой, анын аваны укмуш.*

АВАНЧА *түшт.* насыбай ийлөө үчүн жасалган ортосу чуңкур идишче; *аванчаны көрдүңбү?*

АВАНЧЫ *ыск., чүй.* обончу; *бир айылдагы аванчывыз ошол киши.*

АВАРА: эки авара, үч авара *жерг., өзг.* экиден – үчтөн кишиге бир табак кылып эт тартуу; *эки авара, үч авара болгула.*

АВАСАТ *ноок.* апыртуу; *товдун жолун кеп авасат кылва.*

АВАСКЕР *зам.* ышкыбоз, ышкылуу; *түлкү улаган бирин-серин аваскер бар.*

АВАСТАЙ *жжол.* илгерки уруунун аты; *авастай, маңгытай деген уруу бар.*

АВАТ I *ыск.* нават; *аваттын таттуулугу ай, шилекейим түшөт.*

АВАТ II *түшт., зам.* жыргал, сонун жер; гүлдөгөн аймак; эл орношкон бак – чарбактуу жай; *жүргөн жериң баары ават* (авал); **ават жер** *бак-дарактуу, мөмөлүү жер*; **ават жерге түшкөн** *гүлдөгөн айылдагы жерге барган*; **ават жылга** *лейл.* 1. өрүк, алма, бак – дарак өскөн жылга, кокту; *ават жылгаларга баравыз*; 2. жердин аты; **ават киши** (адам) *түшт.* 1. бир жерге көптөн бери туруп очор – бачар болуп, чарбачылык менен жашаган киши; 2. *өзг.* берешен, март адам; 3. *ар.* жакшы, сыпайы; кичипейил, эмгекчил адам; *ал ават киши экен.*

АВАТ III *лейл., пам.* 1. ичкиликке кирүүчү уруунун аты (Лейлектеги бул уруу дара чолойу, уста, ботон жөнөт, адалакы, кара мойноку чолойлу, токмок, найман, гүжөн, жойлор деген топко бөлүнгөн); *ават ашып келген, нойгут басып келген* (мак.); 2. *терг.* делвир; *ават ашып кетти, нойгут басып кетти* (таб. делвир).

АВАТТАН *түшт.* көркө келип кубулуу, көрктөнүү; *аваттанат да турат.*

АВАТЧЫЛЫК *түшт.* кенчилик, молчулук, жыргалчылык; *аватчылык заман болду.*

АВАЧЫ *тяньш.* сук, жут, ачкорок; *авачы болуп кетиптир*; **авачыдай эркек** ачкорок эркек; *авачыдай эркек ушу.*

АВАЧЫЛ *ыск.* 1. абаны көп жактоочулук; *тигини көрсөң, барып турган авачыл*; 2. ава – ава деп көп айта берүүчүлүк, авага көп айта берүүчүлүк, авага көп эле кайрыла берүүчүлүк; *авачылын кантейин, теле оозунан авасын түшүрвөйт.*

АВГА *зам.* бийик бел; *авга, чоку, кыр, мойнок дейвиз.*

АВГАН *түшт.* афган; *авган эли алыста.*

АВГЕР *батк., лейл.* кыйноо (сал. авукәр); *бизди үгрөтүп авгер кылдылар.*

АВГЫР *батк.* акыр; *о узакта авгыр бар, шого жетевиз.*

АВДЕСТЕ, АВДҮСТӨ *батк.* кумган; *авдүстө менен колдоруна суw куй.*

АВЕЛЕК *зам.* өсүмдүктүн аты; *авелекти мал жакшы жейт.*

АВЕН *чүй.* тээ алыс, тээ жок жер; *авенден бир жан келди, жаны бар да, тили жок, ал жандын эки жак/к/а басар алы жок* (жаңы төрөлгөн бала).

АВЕТ *батк.* айдоонун чекесиндеги жолчо; *авет менен бас.*

АВИЗ, АВУЗ *өзг.* 1. атайын токтотулган көлчүк; *авизде балдар киринип жатышат*; 2. *терг.* көз; *эки авизим бар, жээгинде тигилген терегим бар* (таб. көө, кирпик).

АВИК *түнд.* уруунун аты; *авиктер солтого кирчү, өзөн менен ысык чөлдө турчу.*

АВИРЕЗ *лейл. к.* әврез.

АВИРИК *зам.* өсүмдүктүн аты; *авирик–сасык от, мал жейт.*

АВЛА I *сүз.* артык, өйдө; *байдан бай авла эмес, бардыгы сук.*

АВЛА II *батк.* кудай; *алда кандай дүнүйө авла деңер жакшылар.*

АВЛАТ, АВЛОТ *жерг.* 1. урук, тукум; *авладың кыргыз экен*; 2. *өтм.* тек, кан; *сенин авлодуң бузук.*

АВЛИ I *пам.* өң – түс, кебете – кешпир; *авли жакшынан акыл күт* (мак.).

АВЛИ II *пам.* уруу, урук; *авлиси бүт аман.*

АВРА *өзг.* жука материалдан жасалган жалаң кат шым; *атам авра шымын кийип, дүкөнгө кетти.*

АВРАВАН I *өзг., сүз,* товардын бир түрү; *авраван, пэшэйи, атлас бар.*

АВРАВАН II *батк.* жуурканды тигиши; *авраванды түзүк тикпесе какай алам.*

АВРАСАР *зам.* кийимдин ичилиги; *чапандын аврасары да.*

АВТОВА *жерг. к.* аптама; *автованды алайын, үйгө карай кетейин.*

АВТОВУ *батк.* дары кошулбай, күнгө таза какталып кургатылган өрүк; *өздөрү жегенге автову кылат.*

АВТОРУW *жерг.* күнөс, күнгөй; *жүр, авторуwга чыгып олтуралык.*

АВУЗ *к.* авиз; *көвүк авузга келип токтоп калды.*

АВУКАР *зам.* кургакчылык (сал. авгер); *авукэр болду, кыйын болду.*

АВШАК *ар., тал.* акшак (сал. агушак); *гүрүчтүн теңинен көвү – авшак.*

АВЫ: авы–тавы *батк.* мелүүн ысык; *кевекти авы–тавы болондо белге бастык.*

АВЫГЫЙ *кашк.* аксакал; *авыгыйды таксырлап турат.*

АВЫДАН *чүй, тал.* абдан; *дарманы авыдан кеткен.*

АВЫЖ *жерг.* эсирген адам; *сен авыж алып кеттиң.*

АВЫЗ *түшт. к.* авиз; *авыздан суу агып турат.*

АВЫЗЫН *чүй.* абысын; *ага–ини татты болсо ат көп, авызын татты болсо аш көп* (мак.).

АВЫК *базк.* уруунун аты; *коткор уругу авык менен жанаша.*

АВЫЛ I *зам.* 1. айыл; *авылда жашайт*; 2. мөжөй уруусунун бир тобу; *авылдын ачык гэвин жуткамын;* **авыл башы** айыл башкарган адам; *авыл башы–кары киши.*

АВЫЛ II: авыл–чавыл *тоң.* аянба чачылып сыйлоо; *авылып–чавылып сыйлады.*

АВЫЛА *түнд.* 1. уруунун аты; *авыла дегендер адигиненин ичинде да, сарбагыштын ичинде да бар*; 2. жердин аты.

АВЫЛАЙ *чүй.* уруунун аты; *авылай тукуму сарбагыштын ичиндеги суу мурунга кошулат.*

АВЫЛКАСЫМ *чүй.* жерди тайыз же терең айдоо үчүн буурсунду өйдө – ылдый кылып жылдыра турган шынаа; *авылкасымын өйдө–ылдый кылат.*

АВЫР I *ош.* суунун күрүлдөп агышынан пайда болгон жел, сыдырым; *дарыйанын авыры живек көйнөктү делвиретип турду.*

АВЫР II *кашк.* бурул; *сол тарапка авыр.*

АВЫГА *кочк.* дүбүрө; *авырап текшерүүчү сенден кетпейт.*

АВЫРТОВ *жерг.* аба ырайынын тез өзгөрүп турушу (түшкө чейин ысык, түштөн кийин суук, же күнү ысык, түнү суук болуу); *күн авыртов тартып турат.*

АВЫС *тяньш. к.* авиз; *бүтүн кечке авыс каздым.*

АВЫШАТ *өзг.* сүр, айбат; *авышаты шүнча экен, салам айтып живерди.*

АВЫШКА *батк.* 1. чал (кемпирлер гана чалдарын «абышка» дейт); 2. *түнд.* жалпы эле кары эркек киши (түндүк говорлордо эркектер да, аялдар да, жаштар да, карылар да «авышка» дей берет); *авышкаларды кара, каалгып келе жатышат;* **авышканын арманы** *кочк.* комуз күүсү; *«авышканын арманы» деген күүнү чертет.*

АГА: эл агасы *батк.* элдин эң кадырман адамы; *сиз эл агасы болуп алыпсыз.*

АГАЖАН *жерг.* агага эркелеп кайрылуу; *агажаным келе жатат.*

АГАЙЫНДАР *зам.* илгерки уруунун аты; *арык, агайындар, курга деген топ болгон.*

АГАЛАЙ *зам.* ала – була; *өңү агалай экен;* **агалай чечек** *зам.* ала – була келген байчечекей; *таптаалай чечек, тамактары агалай чечек* (таб. ала тамак).

АГАРЕКИ *жерг.* эгерде; *агареки келвесе, барвайвыз.*

АГАРОТ *ыск., чүй, тал. к.* тамарка; *агаротко эмне айдадыңар?* **кичине агарот, тар агарот** участкасы аз тамарка; *кичине агарот тура, бурга эмне эгилет?;* **чоң агарот** участкасы кеңири тамарка; *чоң агаротко эмнелер эгилбейт;* **ээн агарот** айдалбай, багуусуз калган тамарка; *ээн агарот кимдики?;* **ээсиз агарот** биротоло айдалбай калган тамарка.

АГАРОТЧУ *ыск.* тамаркада тынбай иштеген киши; *кыйын агаротчу болгон тура.*

АГАРОТЧУЛУК *ыск.* тамаркада тынбай иштөөчүлүк; *агаротчулук кесипке өткөнсүң го.*

АГАТАЙ *ыск., чүй.* агага жалынып, эркелеп кайрылуу; *агатай асыл киши элеңиз го.*

АГАТАЙЛА *ыск., чүй.* агатай – агатай деп кайрылуу; *агатайлап жанын койбой койдум.*

АГАЧ *лейл.* өсүп турган дарак; *сүүктүн кандай болоруну ыргай, шилви, бадам, кара чеке жана башка агачтардын бәрги түшкөнүдөн байкаган.*

АГАЧА I *лейл.* кенже ага, кичүү аба; *агачасы терген машагыны алдатып саңа жедирет.*

АГАЧА II *жерг., лейл.* ак жүздүү, сылык, элпек, жакшы мүнөздөгү аял; *агача келин жумшаган.*

АГАЧА III *жерг.* 1. эки жакка ачаланып кеткен агын суу, жылга, колот; *агача деп эки жылганын оwузун айтавыз;* **агача кыштоw** *жерг.* эки тарам жылганын оозундагы кыштоо; *агача кыштоw бар, шого барам;* 2. жердин аты.

АГАЧА IV *пам.* 1. аңгыча; 2. ага чейин; *агача жәнөп кеттилер.*

АГБА *жерг.* ашуу, даван; *Лахшыга барыш үчүн эки агба ашасың.*

АГДАЙМАК *тал. к.* аксаймак.

АГИЛЕН *жжол.* элечек; (кээде бул зат «орончелек» деп да аталат); *агилен, көwрө, ийне, топчу, чот деп жазды.*

АГӨРӨ, АГӨРӨК *ыск.* андан көрө; *агөрө айранга талкан чалып ичсең боло.*

АГӨРӨКЧӨ *ыск.* андан көрөкчө; *ойновой, агөрөкчө, савагыңды оку.*

АГУЛ *түнд.* калай, жез ж.б. жука металлдарды кыса турган темир кыскыч; *агул кайда, берчи бери.*

АГУР *суз.* жыгачтан жасалган акыр; *килемди бүткөндө агурга жайып койовус.*

АГУШАК *тал.* майдаланып апапакай болуп калган дандын күкүмү, кабыгы (сал. авшак); *агушак кылып актады.*

АГҮРӨТ *тал. к.* агарот; *агүрөттө картөшкө айдалган.*

АГЫЗ *суз.* ооз; *айак жүгүрүгү – ашка, агыз жүгүрүгү – башка* (мак.).

АГЫЙАК *жерг.* пахта майы; *агыйак* (ак йак) *алдым.*

АГЫЛ I *жерг., пам., батк., өзг., суз.* малкана, малсарай; *уйду агылга байлап кой*; **агыл–агыл** *жерг.* кой – эчкилерди короого бөлүп айдоодо колдонулуучу сырдык сөз; *агыл–агыл десең боло*; **инек агыл** *пам.* уй сарай; *инек агылда турат*; **кош агыл** *пам.* 1. жанаша салынган эки мал сарай; 2. ичинде кичинекей сарайчасы бар малкана; *кош агылда байлануw турат;* **өгүз агыл** *пам.* өгүз байлана турган сарай; *кош агыл, өгүз агыл болот* (сал. Аф. мк. агыл «короо, сарай»).

АГЫЛ II *жерг.* агынды; *агыл болуп келген да;* **агыл таш** суу менен агып келген таш; *агыл таш көп экен*; **агыл–төгүл** *тал., өтм.* март, берешен, кең пейил; *пейили той бергендей агыл–төгүл;* **агыл–чачыл** *жжол.* бүлүнүү; *айал кишинин агылып–чачылып калышы жаман экен.*

АГЫЛГА I *пам. к.* агыл; *агылга, агыл деп айта береттер*; **кош агылга** *пам.* ичинде кичине кош акырчасы бар, же күпкөсү бар малкана; *кош агылгага мал байла.*

АГЫЛГА II *ыск.* 1. ээн, бош жер, жай (мис., шамал тийбеген жер); 2. *кашк.* жайыт; *түштө агылгага жөнөйт.*

АГЫЛГА III *ыск.* солгун, тынч убак; *агылга учурда келе кой.*

АГЫЛГАГА *ыск., кочк.* көз салып аңдып байкоо; *аны агылгалап беш маал анын жанында.*

АГЫЛЕС *ыск., кашк.* жалтырак, таза курч болот; *жалтырайт, агылес тура*; **агылес орок** курч миздүү жалтырак ак орок; *агылес орогуң жалтылдайт дечи.*

АГЫЛЖЫМ *ош, тяньш.* агыш; *айлана агылжым жарык.*

АГЫЛЖЫН *чүй. к.* агылжым; *агылжын чүпүрөк көрүнөт.*

АГЫЛТЫМ, АГЫМТЫЛ *суз., тал.* агыш; *агылтым келген мата.*

АГЫН I *пам.* арык мал; *агын мал жүрөт.*

АГЫН II *пам.* үйөр; *суw кызыл агын болду.*

АГЫН III *пам., карс.* кутул, бошон; *козу агынып кетти.*

АГЫНАЙ *жжол., тал.* уруунун аты (илгери Жаңы – Жолдогу кыргыздар негизинен: «агынай, алакчын» деп эки чоң урууга бөлүнгөн да, алар солго барып кошулган. Агынай: акпай, оготур, бош моюн болуп бөлүнгөн).

АГЫНТ *пам.* агыт, бошот; *козуну агынт.*

АГЫР *түшт., сейр.* айгыр; *агыр бошонуп кетти.*

АГЫС *тторо. к.* эвиз; *агыска суу толуптур.*

АГЫШ *лейл.* арыктын суу бурула турган бөгөт жери; *агышты оңдоп кой, суу келет.*

АДА: ада бол *тал., түшт., чүй.* жерге кир, жок бол; *айтпастан ада бол, кара жерге када бол!* (каргоо, жекирүүдө колдонула турган сөз); **ада болвойт** *түшт.* түгөнбөйт, жок болбойт; *аккан суу ада болвойт;* **ада болгур!** балээге жолуккур!, төбөңөн ургур!, жылас болгур!, каргыш тийгир!; *үйүңдүн үрпөтү ада болгур!;* **ада болуп калыптыр** *жжол.* үрөйү учуп, жүрөгү түшүү; *түндө үйгө келбей калсам, үй–бүлөм коркуп, ада болуп калыптыр*; **ада кайын** *жерг.* 1. кайыңы өрттөлүп, жок болуп кеткен жер; *ада кайың болуптур*; 2. жердин аты.

АДАВАТ *зам.* 1. каршылык (сал. адалат); 2. көрө албастык; 3. *жумг.* кас адам; *адават адам болуптур.*

АДАВАТЧЫЛЫК *батк.* каршылык көрсөтүүчүлүк; *адаватчылык кылвай жөн жүргүн.*

АДАК *өзг., ар., тал.* 1. түгөнүү, аяктоо; *кечээле адак болгон*; 2. *чүй.* аяккы; *алп адагы Ормотой, тулпар адагы– Тайтору.*

АДАКТА *тал., жерг.* аякта, бүтүр; *уруwдун тарашы адактады.*

АДАКЫ *жерг.* 1. аяккы, кийинки, арткы; *адакы торпок алты мал, өгүз баштап сегиз мал*; 2. уруунун аты.

АДАЛ: адал бакан *жерг., акт.* ала бакан; *адал баканы Ысык–Көлдө ала бакан дейт.*

АДАЛАКЫ *лейл.* уруунун аты; *адалакы, уста аватка кирет.*

АДАЛАТ I *атб.* карыш (сал. адават); *өкөө адалат болуп жүрүптүр.*

АДАЛАТ II *түшт., зам.* адилет, акыйкат; *адалат кылып бөл.*

АДАЛГА *ичк., түшт.* 1. адилет; *данды адалга бөлүштүр*; 2. *өтм.* бирөөгө тиешелүү энчи; *бир чекеге чыгалык, адалгасын кылалык.*

АДАМ *түнд.* таң калгандыкты билдирүүчү сырдык сөз*; адам, мунуң кишиви, же айбанбы?*; **адам аййе** таң калып, нааразы болгондукту билдирүүчү сырдык сөз; *адам аййе, бере турсаң эмне, бирдеме болосуңбу?*; **адам башы** *батк.* балдар ойнунда топ башы болгон бала; *ар тарапта адам башы болот*; **адам дечи** *түнд.* таң калып, жактырбай калгандыкты билдирүүчү сырдык сөз*; адам иий, бети жок тура, жөн эле өлбөдүмбү*; **адам ээй!** өтө таң калгандыкты билдирүүчү сөз; *адам ээй, тигини кара, өтө тили жөн эле уу*; **аргул адам** *жерг.* ата – энеси эки бөлөк улуттун өкүлү болгон адам; *аргул адам, сөрү балыш дейвиз.*

АДАМБАЗ *батк.* элпек, адамгерчиликтүү, кишичил; *Эгембердинин баласы адамбаз болуптур.*

АДАМСАТ *тал., чүй.* адамзат; *адамсат кыйын эле го.*

АДАМСЕТ *лейл. к.* адамсат; *бу – адамсеттин жыты.*

АДАЧА *тал.* андайча; *адачадан будача, татынакай кудача* (таб. сагызган).

АДАШ I *ыск.* 1. аяш; *адашың ким, аты уйкашың ким?*; 2. *чүй.* эки достун аялдары, же өздөрү бири – бирине кайрылууда колдонулуучу сөз; 3. *чатк., пам., ар., лейл., өзг.* аты окшош; *менин атым – Сейит, сиздин атыңыз да Сейит болсо – адаш деп койот*; 4. *өзг.* жакшы санаалаш; *адашым менен бирге болдум*; 5. *батк., өтм.* макоо (келесоо адамды кемсинтүү максатында айтылганда колдонулат); *эй, сен адаш болуп калыпсың.*

АДАШ II *батк., жжол.* түгөнүү, аяктоо; *өрүк адаш болду.*

АДАШ III *батк.* эки тарап болуп бөлүнүү; *бештә–алтыта болуп адашат.*

АДАШКАНЫ *жерг.* адашкандай; *адашканы мал бедек?* (Жерге – Тал говорунда *– ы* мүчөсү адабий тилдеги *–дай* мүчөсүнүн ордуна колдонула берет).

АДАШКЕРЕК *өзг., лейл.* кычкач, кыпчуур*; куттуу үйдө адашкерегиң болбосо,ырыскыңдын качканы* (мак.).

АДАШТЫРМА *түнд.* табышмактын бир түрү (мис. 1. каптын оозу кийиз, карганын оозу мүйүз, кой баласы шишек, муну таппаган эшек, жандырмагы: кап, карга, кой; 2. бардым жок экен, айттым – келейин деди, келсе келип калар эле, келген үчүн келген жок ж.б.)

АДЕГИЛЕ *өзг.* иш илгери (алкоо); *адегиле, кыздар!* (килем токуганда аялдар тарабынан айтыла турган сөз).

АДЕЙИ *пам.* 1. «эмелдеш» ойнунда коюлган шарттын бир түрү*;*

колго бермей же адемейи болот; 2. *карс.* кубаттоо, дем берүү; *адамейи бизден, иштемек сизден.*

АДЕМИ *түшт.* 1. кооз, саймалуу; 2. *кочк.* көзгө андан ары жакшы көрүнүү; *адеми көктөн көкөлөп келаткансыйт*; **адеми ирең** *түшт.* өңү жылуу; *адеми ирең көрүнөт.*

АДЕП I *ыск., чүй, тал.* 1. алгач, эң мурун, башта, биринчи жолу; *адеп кеп салды, анан атка минди*; 2. *пам.* кайра, жана (кайталоо маанисинде); *ол адеп–адеп ырдады.*

АДЕП II *суз., ыск., чүй.* сый, урмат, ардак; *ар кимди адеп кылган жакшы.*

АДИ *кашк.* жөнөкөй (сал. адый); *ал–ади адам.*

АДИЙ *түнд.* уруунун аты; *адигинеин ичинде адий бар, атыр жыттуу төрү бар.*

АДИЙ *чүй.* өлүк көмүүгө чыгарылган материалдык жардам, көмөк; *адийасы канчадан болду?*

АДИМИ *кашк.* көрктүү, сулуу; *адими болсо да бетаалай болду.*

АДИҢ *лейл.* ал – күч, кубат; *анделекти жешке адиң керек.*

АДИСЕ *жжол.* кокустук; *эмне адисе болду?*

АДРАҢ *өзг.* адыратып жара тартылган жүгөрү, будай акшак; *койлорго адраң берсе семирет эле.*

АДРЕС *түшт.* бир жиби жибек, бир жиби жөнөкөй кустардык товар (бул товарга түр түшүрүлүп, адыракай жасалган); *адрестен кийим кийчүвүз.*

АДЫВАКАТ *тал.* адвокат; *адывакат болуп иштейм.*

АДЫЙ *түшт.* жеңил, оңой (сал. ади); *адый иш кайда?*

АДЫК *ичк.* уруунун аты; *адык (*бул сөз кийин «аюу» деген түргө өткөн); *аксак бөөрү, аксак кой, ак эчки, дөвөт деген урулар болгон.*

АДЫМ *ноок.* көркөм, сулуу; *адымы келин алдашым.*

АДЫНА *түнд.* уруунун аты; *адына кимге кирет дейсиңби?, алар кушчуга кирет.*

АДЫР *түнд.* уруунун аты; *бугунун ичендеги адыр уруусун ким билет?*; **адыр–будур** *батк.* 1. уңкул – чуңкул, быдыр – будур; *адыр–будур таш экен*; **адыр пийәз** *чатк.* 2. тоо пыяз; *адыр пийәзди мал жевейт*; **адырма–адыр** *зам.* 3. катар – катар келген майда адырлар; *адырма–адыр кете берет.*

АДЫРМАЧ *суз.* буурсун; *адырамач азыр жоголду.*

АДЫРАТМА *ыск., атб.* кесек тартылган арпа; *оо, мунуң адыратма болуптур.*

АДЫРГЫ *түнд.* өрмөк соккондо эриш – аркакты ачып туруучу жалпак жыгач.

АЖАА *түнд.* бирөөлөрдү башкарып, тыйып коюучу кадырман адам; *ай деген ажаа жок, кой деген кожоо жок* (бур. ажаа).

АЖАЙЫ *чүй.* чоңоюп, эскирген, бирок али токтоло элек бала.

АЖАЙЫПКАНА *жжол., жерг.* зоопарк; *ажайыпканадагы маймылдай* (сал. так. ажаб «укмуш, таң каларлык» хоча «үй»).

АЖАККАНА *түшт. к.* ажап; *менин бир атым бар ажаккана, кулактары кажаккана, али алып келем көрөсүң, күлүп жатып өлөсүң.*

АЖАНА *чүй.* калп; *ажана сүйлөт да.*

АЖАП *жерг., лейл.* 1. укмуш, кызык; *бир төwөм бар ажап–ажап, куйруктары кажак–кажак, эртең келсең көрөсүң, күлө жүрүп өлөсүң* (таб. чаян); 2. *батк.* аргасыз, амалсыз болуу; *ажап болуп кул болсун, алты пәтир жуп болсун* (*мак.*); **ажап болуптур** ◊ ойдогудай болуптур.

АЖАТКАНА *тал., батк.* дааратканa; *ажатканага кирип чыкты.*

АЖЕС *чүй.* өжөр; *ажес кишиге амал болвойву?*

АЖЫГАЛ *баткч.* кембагал, бечара; *илгери ажыгал кишилер көп эде.*

АЖЫК I *ыск.* ажыкыз; *тыйылбаган ажык тура.*

АЖЫК II *кашк.* дөөпүрөс; *күмүштөн бешик ыргап өт деп ажык болуп отурат.*

АЖЫКЫЗ *ыск., чүй.* бирөөгө орду жок эле тийишип, асылып кажылдашып кармаша бере турган адам; *ой койчу ошону, ал ажыкыз.*

АЖЫКЫЗДАН *ыск., чүй.* асылып, кажылдап сүйлөө; *ажыкызданып сөзгө конок бервейт.*

АЖЫКЫЗДЫК *ыск., чүй.* асылып кажылдай бөрүүчүлүк; *ай ушунун ажыкыздыгы деле калвайт.*

АЖЫМОЛУК *тяньш.* тилазар; *кой дегенди укпайсың, ажымолук экен.*

АЖЫН *кашк.* абысын; *Жаңыл ажын келиптир* (түндүк говорлордо бул сөз өз алдынча колдонулбастан «авысын – ажын» деген кош сөздүн составында гана жолугат).

АЖЫРАМА *батк.* өрүктүн бир түрү (бышканда эти сөөгүнөн өзү ажырап турат); *ажыраманын сөөгү өзү эле бөлүнөт.*

АЖИРАТУW *жжол.* кушту тогуз жолу тойгузгандан кийин, андан алган жандыкты ажыратып алуунун башталышы; *тогуз тойуттан кийин ажыратуw башталат.*

АЖЫРЫК *ар., батк., лейл.* 1. саздагыраак жерге көп тамыр байлап чыга турган өсүмдүк; *конок башын керткен экен, ажырык түвүн жеген экен, үйүгө карап жорткон экен* (таб. донуз); 2. *жерг.* чырмоок; *ажырык көп өсөт.*

АЖЫРЫКТУW *батк.* ажырыгы көп жер; *сыйырды ажырыктуw жерге аркандап кел.*

АЖЫРЫМ *түнд.* 1. айырма; *анын ажырымы бар бекен?* (каз. ажырым); 2. *чүй.* эки ача, эки бөлөк; *кеп–сөздөрү эки ажырым.*

АЗ *ичк.* айнуу, көңүл кайтуу; *жүдэ жаман болдум, көңүлүм азды.*

АЗА I *жерг., зам.* 1. мүчө, член (сал. азайбадан); *сен пәртийәнин азасывысың?*; 2. *ар.* колхозчу.

АЗА II: азасынын ач *жерг.* жакын адамы каза болгон кишини той – тамашага алпарып көңүл айтуу жөрөлгөсү; *Әжәрдин азасыны айтта ачыптырлар*; **аза бой** *түшт.* аза күткөн жан; *аза бойун ого бетер сыздатат*; **аза кийим** өлүктө кийилчү көк же кара түстөгү аялдын кийими; *аза киймин отко ташташты* (жыл маалы өткөндөн кийин тул күткөн аялдын кийимин өрттөп жиберип ак түстөгү кийим кийгизүү салты болгон).

АЗААТ I *ыск.* насыят; *азаатты көп айтчу.*

АЗААТ II *ыск.* назад (орус тилинен); *азаат айда.*

АЗДА, АЗООДА *пам.* 1. кең пейил, кеңеш, эркин; *азада өкмөт чыкканы бардыгы байга гаш болду*; 2. таза келишкен, мыкты; *азада бойго кийген дейт.*

АЗАДАР *жерг., лейл.* азалуу, капалуу; *азадарга катык айтпа.*

АЗАЙБАДАН *жерг.* бүт дене (сал. аза I); *азайбаданым owруйт.*

АЗАЙИ *кашк.* адат, жөрөлгө; *азайи болсо кантет.*

АЗАМ *лейл.* азап; *ол кезде биз сагырдын азамында жүрдүк.*

АЗАМАТЧА *лейл.* кичинекей азамат; *азаматча, ал кәмпеттен.*

АЗАН: азан таш *пам.* азанчы адам үстүнө чыгып, азан чакыра турган таш; *азан ташка чыкты.*

АЗАНКЕШ *түшт.* 1. азанчы; 2. *өтм.* уйкусуз киши; *азанкеш киши эрте турат.*

АЗАНТ *кашк.* адат; *мен бир мәртәм кызык азант көргөнмүн.*

АЗАПТА *түшт.* азап кылуу, кордоо, басмырчалоо; *ону азаптап үймө-үй кыдырды.*

АЗАПЧЫ *түшт.* кордук, азап көрсөткүч адам; *атаңа наалат, азапчы байлап куруттуң.*

АЗАР I *түшт.* 1. кыйноо, убара кылуу (сал. аззар II); *буракжан, азарыңыз бизге өзгөчө өттү*; 2. кордук, зомбулук, кыстоо; *Назарвайдан азарды көп көргөн*; 3. *жерг.* өпкөлөө, жемелөө; *азарыңа бел бужду*; 4. *өзг.* тил укпас, сөзгө көнбөс; *о кой, ол азар неме*; 5. кайгы; *азар тартсаң эч нерсе ойуңа түшпөйт*; 6. *батк.* бир нерседен кечип кетүү, кайыл болуу; *бир үйгө тургандан азар кылар элем*; **азар бер** *түшт.* такат кылуу, кайра жооп (берүү) кылуу; *онун көңүлүнө азар берген болсо*; **азар-мазар** *жерг., тал.* арыз - муң, арыз - арман: *азар-мазарын айтты* (сал. таж. озор); **азар-безер** *зам.* түк, такыр; *Турдувай азар-безер болбойт имиш.*

АЗАР II: азар түмөн *жерг.* миндеген, жайнаган, толгон, көп; *азар түмөн мал болгон.*

АЗАРЛАН *жерг.* капалан, кайгылан; *энди эмне болом деп азарландым*; **азарланып кал** *тал.* кайгыланып капалануу; *мына бу азарланып калган киши го.*

АЗАТ: азат бой *түшт.* бүткөн бой; *азат бойуң тик турат.*

АЗБӘРӘЙ: азбәрәйи нан! *жерг,* нан урсун!; **азбәрәй куда** *лейл.* кудай акы; *азбәрәй куда кыл.*

АЗГАНТАЙ *жжол.* бир аз гана, анча - мынча гана; *азгантай жигитер келди.*

АЗГЫН I *ыск.* 1. жаз алдында күндүн суук болуп, чаң учуп, жердин кеберсип турушу; *быйыл жаз азган*; 2. *лейл.* сепкил; *бетиге азгын чыгыптыр*; 3. *өзг., тал.* өндөн азган адам; *оорун өңү азгын.*

АЗГЫН II *кашк.* жорго; *азгынга минип, ак нават берип токтотот.*

АЗДЕКТЕ *чүй.* өтө сүйүп эркелетүү; *аздектеп ат койдурам.*

АЗДЫР *ичк.* азгыр, көкүт; *кыргоол деп сени аздырдым.*

АЗЗАР I *батк.* ажыдаар; *аззар көрүнгөн.*

АЗЗАР II *батк.* ыйлаак, кыйык; *жүдә аззар экен, эч бир уйку бербеди* (сал. азар I).

АЗЗЕ *пам.* аял; *аззени аззе сынайт, эне!*

АЗЕК: азек-мазек *акт.* тамаша, оюн - шоок; *азек-мазек сөз айтат.*

АЗИЗ: азиз мама, азиз чымчык *лейл.* жылыкчы чымчык; *азиз мама* (азиз чымчык) *учуп чыкты.*

АЗИЛ *лейл.* 1. тамаша, оюн; *мен кара бет кургурду азил кылва*; 2. *өтм.* жеңил; *о иш азил эмес.*

АЗИМ: азим чолок *жерг., төрг.* жылкынын куйругу; *азим чолок сумта түшсө биттә, сумдан чыкса миңтә* (таб. куйруктун кылдары. Бул сөз табышмакта гана учурайт).

АЗМАН *ичк.* өгүз; *азман айдап жүрот.*

АЗООДА *пам. к.* азада.

АЗСЫН *пам.* сырдык сөз (кекетүү, жекирүү маанисинде айтылат); *азсын, жаман.*

АЗУУ *ичк.* азуу; *азуу чыгыптыр*; **каман азуу** *алб.* өсүмдүктүн аты; *каман азуудун тикенеги болот.*

АЗУКАК *жерг.* сайманын бир түрү; *азукак кештесии көрүң.*

АЗУУ: азуу алма *түшт.* алманын бир түрү; *азуу алмасы колунда*; *«наны жок чай кысталак, майы жок бай кысталак» - деген мәтәлди билесиңби? - деп сурады.*

АЗЧАКТЫ *пам., тал.* азыраак; *азчакты пул жетпеди.*

АЗЫК *жерг.* адаш, азгыр (сал. тув. азар «адашуу»); *азыгып кетпе.*

АЗЫКТУW *батк.*, ток; *азыктуw ат арывайт* (мак.).

АЗЫКТЫР *ичк.* адаштыр; *эй, ахы, ону азыктырып ташта.*

АЗЫМ *кашк.* улуу; *ол болуштун анасы Азылкандай азым бол.*

АЗЫМЧЫК: азымчык эмес *лейл.* көп, мол, арбын; *көтөргөн жүгү азымчык эмес.*

АЗЫН: азын–жогун *ыск., тал.* аз экени – көп экенин, аздыр – көптүр; *азын–көбүн эптеп оокат кылып жатабыз.*

АЗЫНА *ичк.* аз эле, кичине эле; *азына гәшнич, калемпир.*

АЗЫР I *зам.* даяр; *сени бәәри ургапы жатат, азыр бол.*

АЗЫР II *чүй.* кызыр; *аптийексиз азырдын сөзүн айтасың.*

АЗЫРЕТТЕ *кашк.* баркта, урматта; *кыз ботомду азыретте.*

АЗЫРЧА *өзг.* азырынча; *коно албаймын азырча.*

АЗЫТ *өзг.* азгыр; *азытып алып кетпедиви.*

АЗЫТКЫ *кочк., ыск., тал. к.* 1. азыткыч; *азыткы тоо–ташка алып чыгып кетсе керек*; 2. *ноок.* майда сары гүл ала турган өсүмдүк; *азыткыны дары кылып колдонот* (бул өсүмдүк кээде "алварскы" деп да аталат. Аны жанчып майдалап, куяң же кызыл жүгүрүк оорусуна карата таманга тартып, дары катары пайдаланат).

АЗЫТКЫЧ *пам., миф.* ээн талаада, тоо арасында адамды азгырып кете турган жаңдык; *азыткычтай алдава.*

АЙ I *түнд.* чочутууну, нааразы болгондукту билдирүүчү сырдык сөз; *ай карма, а... ай, ушуну бүтүрбөпсүң, саа ишендим эле*; **ай–ай** 1. токтотуу, сак – сактоо, этияттоо же жактырбай, ыраазы болбой калгандыкты билдирүүчү сөз; *ай–ай!, сени ушундай иш кылат деп ким ойлоптур*; 2. *батк.* жылкыны айдоодо колдонула турган сырдык сөз; *ай!–ай! – деп жылкыларды әйдәйт.*

АЙ II *ичк.* гажары, килемге түшүрүлгөн айдын силуэти, сайма, түр (бул түр ичкиликтерге мүнөздүү болуп, "ай нуска, ай кеште, ай жастык, ай көчөт" деген аттар менен түрдүү формада, түрдүү көлөмдө да жолугат. Мунун жанында жылдыздын элесин берген "жылдыз" аттуу түр болот); *ону ай дейт;* **казык жагар ай** *кар эрип, жер эзилип, жаан жаай баштаган учур;* **айдын көзүндөй** *жерг.* келишкен сулуу; *айдын көзүндөй балдарды таап алды;* **ай дәнә** *зам.* 1. жалтырак шурунун бир түрү; 2. *өтм.* сүйгөн кыз – келин; 3. аялдын аты (Жерге – Тал, Памир, Заминде "ай" деген сөз менен келген эпитеттер кеңири жолугат. Мисалы, ай келин, ай шәәнә, ай кеште, ай асман, ай көчөт, ай келинчек, ай балка ж.б.); *атыңды айтсам эл билет, ай дәәнә десем ким билет.*

АЙА I *лейл.* байка, аярла; *айвай сүйлөгөн оwрувай өлөт* (мак.).

АЙА II *жжол.* эң жакын көргөн ага, эже; *о–ой, айам келатат.*

АЙАДА *батк.* байка; *сиздин келгениңизди айадабадым.*

АЙАЗ: көк айаз *чүй.* 1. көпкө созулган катуу аяз; 2. *өтм.* сөзүнөн кайтпаган доюр; *Кул – көк айаз киши*; **сары айаз** *түп.* күзүндөгү аяз; *сары айазда зыркыра.*

АЙАЗДЫК *кашк.* аёосуздук; *ыйлаган жеринде айаздык кылды.*

АЙАЙ *ыск., чүй, кочк.* 1. таза, апакай, сонун; *айай экен. Субанды карачы* (бул сөз көбүнчө тили жаңы чыгып келе жаткан балага карата айтылат); 2. *батк. терг.* кызамык; *балаңызга айай чыктывы?;* **айай күү** жаш баланы эркелеткенде көңүл ачуу үчүн чертилүүчү күү.

АЙАЙЫ *лейл.* укмуш, кызык; *айайы иш кылыпсың.*

АЙАК I *лейл.* килем токууда тартылган эриш – аркактын арт жагына кагылган азык; *гилем сокондо айак кагат*; **айагым тартпай турат** *түшт.* баргым келбей турат; **айак асты** *жерг.* оору кишини эмдеп жатканда анын үстүнө кирбөө жөрөлгөсү (эгер адам кирсе, оору күчөйт деп эсептешет); *айак асты болот деп кирбейт*; **айак аттап баруу** күйөөгө чыккан кызга жөн – жөрөлгө жасап баруу салты; *айак аттап баруу кылгансыңар да*; **айак баш** *тянш., эск.* 1. көчкөндө идиш – аяк салуу жасалган тегерек тери баштык; 2. *батк., лейл.* килем сокондо эриш – аркактын баш – аягын керип коюучу жыгач; *айак–баш, күзүк, токмок, кайчы, пычак камдайбыз*; **айак–бучак** *жерг.* баш – аяк; *о кыздын аяк–бучукагы жерге тийвейт*; **кийим айак** *пам.* кийим – кече; *кийерге кийим айак берет*; **кош** (куш) **айак** *зам., лейл.* өсүмдүктүн аты; *кош айак зээк жерге чыгат*; **киш айак** *пам.* келинди көчүрүп келе жатканда алдын ала чаап келип, сүйүнчү алуу жөрөлгөсү; *киш айагына эмне берди?* **жыгач айак** *суз., этн.* циркачтар колдонуучу жыгач балдак (аягы шиш, жогор жагы колтук сүйөөгө ылайыкталган балдак, аны циркачтар тартынып басышат); **карга айак** *зам.* карга тырмак өсүмдүгү; **чаң** (*чаңды, чаңдуу*) **айак** *түнд., терг.* 1. бөрү, карышкыр; 2. *өтм.* дайыма чуу салган адам; *чаң айак эле акмак экен*; **кызыл айак** *пам., жерг.* 1. бутуна кызыл түстүү бут кийим кийген адам; 2. илгерки уруунун аты (илгери бул уруу чабыштарда өзгөчөлөнүү үчүн буттарына кызыл чарык кийип урушкан дешет); 3. *өтм.* жылаң бут; 4. томаяк; **айак owyp** *жерг.* ишеним боюнча ооруган кишинин үстүнө киргенде кээ бир адамдын ооруну-күчөтүп жибере турган касиети; *айак owyp киши киргенде дем кысылат*; **жети айак** ичке сымдан оролгон жети тор жипчеси бар, эки катар шыңгырак тагылган сөйкө; **түрс айак** *ыск.* басканы катуу жоон бут жылкы; *кара байыр түрс айак ат*; **айак узат** *жерг.* бут сун; *балам, уйак узат*; **үкү айак** *ыск.* туягы бекем, курч жылкы; *үкү айак чөлгө чуркайт*; **сары айак** *жжол.* маалына жетпей эрте туулган козу – улак.

АЙАК II: **жолборс айак** *чүй.* жоро учурунда эң аяккы кезекте – кийинки жоро берүүчү адамга атайын сунулган аяк; *жолборс айакты көңүл тарткан кишиге сунат*; **тынбас айак** *тоң.* жаза иретинде тыным албай туруп ичиле турган бозо, кымыз, ачкыл; *айагыңды колуңа кармап чурка* ◊ *зам.* тез, көз ачып – жумганча чуркоо; **айак койчу** *өзг.* 1. кооздолуп, саймаланып жасалган кийим – кечек салгыч (муну боз үйдүн керегесине илип коюшат); *Үсөндүн көйнөгүн айак койчуга салып койдум*; 2. *зам.* аяк кап; *кашыктарды айак койчуга салавыз*; **кезек айак** *тянш., этн.* жородо, кечеде, үйлүштө, тойдо ирет менен ырдоо үчүн бериле турган ыр аяк; *Жакинге кезек айагын сундуу*; **мелдеш айак** *тоң.* чоң идишке коюлуп, мелдеш иретинде ичилүүчү бозо, кымыз; **орун айак** *кар.* жоро бозодо саламчыны "мейман айак" менен жазалагандан кийин өзүнө ылайык орунду таппай башка жерге отуруп калса, ал үчүн чоң кесеге бозо куюп ичирип, жазалоо жөрөлгөсү; **тойсун айак** *жоро бозодо саламчыга "карайтма, дүндүр, мейман айак, орун айак" жазасын тарттыргандан кийин дагы бир чоң аякка бозо куюп*

ичирүү жөрөлгөсү; **айак көчү** *өзг.* куржун; *Анар айак көчүгө жууган кирлерди салып койду*; **аттанар айак** *ал.* жөнөр алдында ат үстүндө туруп (кээде атка мине элек жатып) кымыз ичирүү салты; *аттанар айак жуткула.*

АЙАКСЫ *кочк.* агы тынбай бир нерсени ары – бери издөө; *энесин издеп айаксывасын, же итке–кушка жем болвосун.*

АЙАКТАР *кочк.* чачка тагуу үчүн бирден тизилген шуру тизмек; *айактардын шурусу мына.*

АЙАКТОР *тал.* кашык – аяк, табак салына турган тор баштык; *айактор жасаганды билет бекен?*

АЙАКТУW *батк.* салпаңдоору бар кооздук (*сөйкө, иймек*); *айактуw бир сырга сенде бар.*

АЙАКТЫ *жерг.* аялдын жыныс мүчөсү; *айактың жүдөө бек экен.*

АЙАЛ: айал–буйал *тал.* ана – мына дегиче, көз ирмем болгуча; *айал–буйалга келвей эле көкүрөк талаштыра берип калды.*

АЙАЛДАМА *чүй.* токтоп, күтө турган жер (остановка); *айалдамага келип отура кетти.*

АЙАЛЗАТ *пам.* аял киши; *айалзаттар акылдуу болушат.*

АЙАЛМАН *түшт.* жаш аялмет; *ол айалман адам.*

АЙАЛПОЗДУК *өзг.* катынпоздук; *сенин айалпоздугуңан катын токтовойт да.*

АЙАН *тяньш.* пайда, киреше; *арпадан далай айан кылган.*

АЙАНЧААК *өзг.* өзүн – өзү көп аярдап аягандык; *алтымышка чыкканда айанчаак болгон аттайсың.*

АЙАҢ I *жжол.* көчтүн аягы; *көч айаңында көздөрүн сүзүлтөт.*

АЙАҢ II *ыск.* ушак; *тең боло алвай калды деген айаң жаман.*

АЙАП *жжол.* чара табак; *айап, шалча, чулду, оймо–текей деген сөздөр бар.*

АЙАПАК *тяньш.* аяккап (майда – чүйдө үй буюмдары, идиш – аяк, жеңил кийим – кечек салынуучу баштык. Идиш – аяк салынган айапак боз үйдүн ашкана жагында болуп, керегенин баш же аяк жагына илинген. Буюм – тайым салынган айапак төрдөгү жүктүн оң же сол бурчуна секичектин алдына илинген).

АЙАР *ыск.* 1. сак, алды – артын болжоп жүрүүчү киши; 2. *пам.* жасакер; *бир киши бар, айавай айар* (сал. аййар).

АЙАТ I *тал.* 1. короо – жайды, огородду тоскон тосмо дубал (кээде ал "чарвак" деп да аталат); *айат тособуз*; 2. *жжол.* имарат, курулуш; *тээ тиги дөвөдө айат бар эле*; 3. *чүй.* огороддун тегерегине курчай казылган аң.

АЙАТ II *жерг., зам.* тирүү, эсен – аман; *көзү айат турганда ону неге айтасың?*

АЙБААЛЫ *тяньш.* 1. жандыктын аты; *тартайган айбаалы экен* (кээ бир жерде, мисалы, Чаткалда "келин жүгүн". Чүйдө "жаа" деп аталат); 2. *терг.* чегиртке; 3. *чүй, өтм.* кемпири жок, өтө көп, баш аламандык.

АЙБАЛЫ *жерг.* малинага окшош жемиш өсүмдүгү (өзү жана даны); *айбалы деген өсүмдүк бар*

АЙБАРЫ *кочк.* өсүмдүктүн аты; *жалгыз айбары ийри тайгынан да ажырады.*

АЙВА *түшт.* жемиш өсүмдүгүнүн бир түрү; *айва десең кандай экенин билесиң* (кээ бир жерде ал "бийи, бихи, бээ" деп аталат).

АЙВАН *түшт., чүй.* 1. үйдүн маңдайкы калканчы; *үйдүн айванына ээрчитип барды* (үйгө айван салуу Ысык – Көл, Тянь – Шань тарапта жолукпайт. Маңдайы ачык салынган айванга отун, эмерек – семерек ж.б.

нерселер жайылат. Жаз, жай, күз айларында адамдар укташат. Ошон үчүн түштүктө ар бир үйгө айван салынат. Айвандын бир жак бурчуна очок салынат да, сөрү коюлат же супа курулат. Айван жазы да, төрт бурч болуп да жасалат); 2. *түшт.* шапкенин мандайы, мандайкы калганчы; о, *шапкеңин айваныга урайын*; 3. *өзг.* оозгу бөлмө; *апам, айванда отурат*; 4. *өзг.* короонун, коргондун ичи; *айванга суу жүргүз*; 5. *өзг., тал.* күн жак бети тосулбаган мал короо (сал. каз. айунан); 6. *ичк.* мүрзөнүн оозгу бөлүгү; *гөрдүн айванынан таш чыкты*; **дарваза айван** *түшт.* короого кирүүчү эшиктин үстүнө жасалган калканч; **чукур айван** *түшт.* эки комнатанын ортосундагы далан (сал. кәйвән); **айвандын кашы** *батк.* үйдүн айванына коюла турган жыгачтын оймолонуп кооздолгон жери; *айвандын кашы деп ону айтат.*

АЙВАНКАНА *өзг.* 1. үйдүн мандайкы калканчынын бир бурчунан тосулуп коюлган бөлүк, тосмо; *айванкана айвандын бир бөлүгү*; 2. *тяньш., жжол.* оозгу үй (сал. далис. кепичкана); *жайдын күнү айванканага жатам.*

АЙВАНСАРЫ *жжол., базк.* сары, тоголок мөмөлүү жемиш өсүмдүгүнүн аты; *бизде айвансарынын өсөрүн укпапсыз да.*

АЙВАНЧА *тал., өзг.* 1. кичине калканч; 2. далис; *үйдөгүлөр айванчага отуруп чай ичишти.*

АЙВАРТУУ *лейл.* айваттуу; *айварттуу неме көрүнөт.*

АЙВЕТ 1. *пам., өзг.* сулуу; *кыз алган айвет бар туруп кыйнайсың, досум*; 2. *чүй.* кооз, көркөм.

АЙГАЙ *ыск.* 1. ураан, кыйкырык, сүрөөн; *айгай чууга чыдаган*; 2. *жжол.* чуу; *айгай салды.*

АЙГАЙЛА *ыск.* 1. айгай – айгай деп чуу салуу; *айгайлаган чуу болду*; 2. *батк.* зордукта; *кедейдин жалгыз атын айгайлап алып кетти.*

АЙГАК, ТАШ АЙГАК *түшт.* моло таш; *таш айгак азыр аз.*

АЙГАП I *тал.* кашык, чөмүш сала турган баштык; *чөмүш, кашыктарды айгапка кыстарып койдум* (калган говорлордо бул сөз "айак кап" болуп айтылат).

АЙГАП II *тяньш., чүй.* бушайман, бук, капа; *ичивизден айгап болуп отурдук.*

АЙГҮЛ I *батк., жерг.* өсүмдүктүн аты; *айгүл эрте жазда гүлдөйт, тоого чыгат, таштуу жерлерде болот* (сары агыш болот да, кызгалдакка окшош келет. Тамак ооруга кайнатып ичет, түбүн жейт).

АЙГҮЛ II *батк., жерг., лейл.* чакмак таш ойнунун бир фазасы (мында беш таш колдун ичинен сыртына экчелет да, анан өйдө ыргытылып, колдун учу менен имерилип, чанчып алынат. Колдун сыртына токтобой жерге түшкөн таштарды – колдогу таштын бирөөнү өйдө ыргытып, кайра ал жерге түшкөнчө – жердегини шыпырып алат); *айгүл асант эле ойнолот.*

АЙГЫР I *өзг.* айкыр, кыйкыр; *айгырып бетим тырмадым.*

АЙГЫР II: айгыр ат *жерг., пам.* 1. айгыр; 2. азынаак ат; 3. *өзг.* жанына ат барса эле чапчый берет; **сары айгыр** *түшт.* өнү сары, үн чыгарып сайроочу келгин канаттуу; *сары айгыр сайрады;* **айгыр байтал жазасы** оюндун бир түрү (жаш балдар ойнойт); **кара айгыр** өнү кара, үн чыгарып сайрабаган канаттуу; *кара айгыр тарык жейт;* **айгыр жыгар** *түнд., эск.* келин жөнөрдө жаштар эшикти тосуп, сый өндүрүп алуу жөрөлгөсү (сал. чал жыгар) *айгыр*

жыгар азыр калды; 2. *пам.* чөптүн бир түрү; **айгыр жыгар – уw чөп** (бул чөптүн түбү айрым ооруга дары катары пайдаланылат. Өзү майда жалбыраktуу болот); **сары айгыр түмпүлдөк** *чүй.* оюндун аты; *сары айгыр түмпүлдөктү кай бир жерде кара койун дүмпүлдөк дейт экен*; 3. *кочк.* боору сары суу чымчыктын бир түрү.

АЙГЫРМАК *жжол.* аргымак; *айгырмакка минди да "тийсе айакка, тийвесе тайакка* (мак.) *деп кете берди.*

АЙГЫШ, АЙЫГЫШ *түнд., жжол.* эрегиш; *айгышып чатак чыккан.*

АЙДА *ыск.* күчөтүү, кээде табалоо сезимин билдире турган сырдык сөз; *айда, келишкен экенсиң да*!

АЙДАГАР *жжол.* ажыдаар; *айлагар, чайан, жылан* (түндүк говорлордо бул сөз "ажыдаар" болуп айтылат).

АЙДАГЕР *түшт., өтм.* эзгич, жуткуч; *айдагер чапчып чаң чыккан.*

АЙДАЙКЕЛ *ыск., өтм.* жалкоо; *сендей айдайкелди көргөн эмесмин* (бул сөз шылдың иретинде, көбүнчө малга көз салбаган, эринчээк адамга карата айтылат).

АЙДАЙКЕЛДИК *ыск.* ишке жүрнары мамиле кылгандык; *айдайкелдикти качан таштаар экен.*

АЙДАЙТ *түнд.* сырдык сөз (итти итке, малга тукуруп кызытуу үчүн айтыла турган сөз); *Айдайт*! *Айдайт*! *Жаныбарым*!

АЙДАК *пам., ыск.* 1. аң уулаганда кийик кайрууга көнгөн ит; 2. *өтм.* повестка; *айдагын берип, айдады пуронтко.*

АЙДАКЕ *пам.* 1. уруунун аты; *айдакелер эм «мен йэм, сен йэм, ол йэм» деп сүйлөйт*; 2. *чүй.* баш – көзгө карабай баш аламан жүргөн, мактанчаак адам; *бир айдаке экен.*

АЙДАКЧЫ *пам.* 1. байгеге кошулган аттарды жандап, жарышка айдап барып кошуучу киши; 2. *түнд.* мергенчи киши аң уулаганда ага аң айдап, кыйкырык – сүрөөн салып туруучу киши; 3. *өтм.* бакырып, кыйкырып сүйлөгөн адам; *айдакчы адам экен.*

АЙДАМА *жерг., жжол.* 1. аңды (кийик, эчки) турукка кубалап келүүгө көнүккөн ит; *айдама ит доңуздү кувалап келет.* 2. *түнд.* комузда колду эң тез ойнотkондук.

АЙДАН I *ноок.* ай сымал; *айданым атам барында айдай жаркы.*

АЙДАН II: кайдан–айдан *кул.* кайдан – жайдан; *кара булуттун кайдан–айдандыр чүмкөй удургуганын көрдү.*

АЙДАР *ыск.* илгери калмак менен аралаш жашаган кыргыздарда баланын кежигесине же төбөсүнө калтырып койгон тутам чач (бул, сыягы, калмактардан оогон жөрөлгө болсо керек); *илгери балдардын төбөсүнө айдар койчу.*

АЙДАРГА *атб.* азоо бээни саарда камчыланар жагынын арткы бутуна илип, моюнга тартып байлай турган илмек жип; *айдарга менен бутун тарт.*

АЙДАРГАЛА *атб.* бутка айдарга чалуу; *бээни айдаргалап саа.*

АЙДАРКАН: айдаркан өгүз *ыск.* чоң, эттүү өгүз; *айдаркан өгүз экен, ары айдап живер.*

АЙДАРЛУУ *ыск.* айдары бар; *айдарлуусун жүн кылат.*

АЙДАРЫМ *түшт., ыск.* 1. жумшак соккон сыдырым жел; *жумшак айдарымынан дем алдым*; 2. *лейл.* эрке, ээнбаш; *айдарым соккон кыз.*

АЙДИН *кочк.* адамдын сүрү; *айдиңинен адам коркот.*

АЙДОWЧУ *тал.* мал – жан айдаган киши (бул сөз ичкиликтерде «әйдөwчү» болуп айтылат); *мал айдоwчулар жөнөдү.*

АЙДӨӨШ *түшт.* апайтөш жер (сал. айтөш); *айдөөшкө малды айда.*

АЙДЫҢ *пам.* сырдык сөз (жалынуу, эркелетүү маанисинде колдонулат); *айдың, айдыңым!*

АЙДЫНДУУ *чүй.* кубанычтуу, жыргал; *айдыңдуу жашап турабыз.*

АЙЗАДА *жерг., лейл.* таза, сулуу; *келинибиз айзада адам экен.*

АЙЗЫ *жжол.* 1. алчы; *айзы консо хан болот* (чүкө ойнунда); 2. *өзг.* чүкө атканда «кон, алчы тур» деген мааниде сырдык сөз катары айтылат; *менин сакам азыр айзыйт.*

АЙЕ I *пам.* эже; *айем мени жүдэ жакшы көрөт.*

АЙЕ, АЙЕЙ II *түнд.* 1. таң калгандыкты билдирүүчү сырдык сөз; *кылыгы тири укмуш, айе*; 2. «ооба» деген мааниде кубаттагандыкты билдирүүчү сөз; *айе, туура айтасыз*; 3. жооп берүүнү туюнтат; *туурабы, аксакал? – айе*; **айей адам** ого бетер таң калгандыкты билдирүүчү сырдык сөз; *айей адам, кечээ эле киши болчу, бүтүн атасын тааныбайт;* **айей дечи** кубаттап, кубангандыкты билдирүүчү сөз; *айей дечи, анан кантип сүйүнбөй койсун*; **айей капырай** таң калгандыкты билдирет; *айей капырай, ошондой өлүмтүк экен ээ!;* **айей катыгүн** чочулап таң калып, сак – сактоону туюндуруучу сөз; *айей катыгүн, тигил учуп кетип жүрбөсүн.*

АЙЕК *тал.* ал жак; *айегиңде эмнелер өсөт.*

АЙЕКТЕ *жжол.* ал жакта; *керээли кечке айекте ичкени – вино, арак.*

АЙЕКТЕН *жжол.* ал жактан; *айектен, кыргыз үй, так этер шак, аты дейт.*

АЙЕН *ыск., кочк.* ал чен, ал жак; *айенде эмне бар экен?*

АЙЕР *тал., чүй.* ал жер; *айерден жигит чаптырды.*

АЙЕТТЕ *батк.* тигил жерде; *айетте күн сүүк болот.*

АЙИ *тал.* кайрылууну билдирүүчү сырдык сөз; *айи, аке бизге эмне бар.*

АЙЙАР *батк.* 1. арамза; 2. жалкоо; *о жеткен аййар адам* (сал. айар).

АЙЙЕ *түнд.* кейүү сезимин туюндуруучу сырдык сөз; *алда сен, аййе!*

АЙКАЛ *өзг.* чакмак таш ойнунда эки ташты удаалай өйдө ыргытып, эки колдоп тосуп алуу фазасы; *айкалды башта.*

АЙКАЛЫШТЫРМА *ал.* сайманын бир түрү; *айкалыштырма, илмек, терме сайганды билет.*

АЙКАП I *тыньш., тал.* 1. ич күптү, бук, санаа; *аай, ал айкапта өттү го*; 2. илгери калың карапайым элдин эзилгендигин баяндаган күүнүн аты.

АЙКАП II *тал.* саймалап жасалган баштык; *чөмүч айкапта.*

АЙКАП Ш *өзг.* каршылаш; *Чово менен айкапташып жүргөн.*

АЙКАРА *ыск., чүй.* кийимдин этегинин бир учун башка, экинчи учун аяк жакка каратып, ичин сыртына келтирип жабуу; *тонду айкарасынан жамынып жатчу.*

АЙКӨЛ *ичк.* 1. ийне, төөнөгүч сайгыч (бул төрт бурчтуу болуп, кештеленип жасалган); *жувалдызды кадаш үчүн айкөл жасашты*; 2. *этн.* төрт бурч формасында жасалган тумар; *балага айкөл жазып бериптир* (айкөлдү аялдар, көбүнчө жаш балдар тагынат. Аны колтукка, далыга же көкүрөккө тагып алышат. Айрым учурда тепкичтентип бир нече айкөл жана тумар тагынгандар да болгон); 3. сайманын аты; **айкөл ай** *суз.* бекбекей ырын ырдаганда кайталана турган сырдык сөз; *айтам, айкөл ай, айкөл ай, ай ууй, ой ууй*

АЙКҮНЧӨК *жжол.* селкинчек; *аке, маңа айкүнчөк салып берчи.*

АЙКУР *жжол.* 1. чүкө ойнунун бир түрү (бир нече бала бирден чүкө

алып, кезеги менен улам бири алдыга чыгып, анан атып, тийгизсе — тийгизген баланы чүкөнүн учкан жерине чейин көтөрүп ойноо); 2. *түнд.* алчы.

АЙКЫЛАШ *кашк.* нарааздаш, арыздаш; *мундуw бир кылдың деп айкылашат.*

АЙКЫСЫЗ *жерг.* күйүп – бышып; *айкысыз күйдүм ышкыңа.*

АЙЛА I *зам.* курчоо, тороо; *кырк каракчы айлап, койлорду жыйган экен.*

АЙЛА II *батк.* айгуу; *айлап кетет.*

АЙЛА III сырдык сөз (таң Калууну билдирет); *айла, Мәрийә шунда экен.*

АЙЛАК *жерг.* жайлоо; *күрөң айлакка бар.*

АЙЛАМА *суз.* 1. ат байлай турган мамы; *айлама кагып койду*; 2. *батк.* суунун айлампасы; *туура кетпейт, айламасы бар*; 3. *батк.* койдун оорусунун бир түрү; *кой айлама болуп калыптыр* (Кара – Сууда «айланбаш» болуп аталат).

АЙЛАМПА *ыск., чүй.* 1. ипподром; 2. айланпа (суунун айланып аккан терең жери); *айланпага түшүп кетип араң калды*; 3. *ыск., атб.* каалганын босого жыгачына бекитилген тоспосу; 4. *түнд.* капканга түшкөн анды чалындырбас үчүн тегеренип турма, эки башы бөрктөлгөн мык (кээде ал «ойнотку» деп да аталат).

АЙЛАН *пам.* балдардын айлан көчөк ойну; *балдар айлан ойнойт.*

АЙЛАНАЙ *зам.* айланайын; *мен бактымдан айланай.*

АЙЛАНГЫЧ *тал.* тегеренгич; *абдан айлангыч көгүчкөн турвайвы.*

АЙЛАНДЫРМАЙ *батк., жерг.* бир нерсени айландырып жасаган иш; *кол айландырмай кылып чават.*

АЙЛАНКА *чүй.* бүт айлана – тегерек; *короону айланкасы менен сым тостум.*

АЙЛАНКӨЧӨК *ыск., к.* айлан; *бизде айланкөчөк ойун дейт.*

АЙЛАНМА *жерг.* Айлантып тегерете салынган арык, жөөк; *тамаркага айланма салды.*

АЙЛАНПА *тяньш.* 1. топсо; *эшиктин айланпасы кана?*; 2. *чүй.* ат чаба турган тегеретме; *айланпага ат чават.*

АЙЛАНЧЕЛЕК *жерг. к.* айлан; айланчелек ойноп owруду.

АЙЛАНЫШ *жжол.* айланып, бурулуп кетме жер, жол, тумшук; *Айры – Бел жапысыраак, бирок айланышыраак.*

АЙЛАП *пам.* оюндун бир түрү; *жаш балдар айлап ойношот.*

АЙЛАР: айлар шабдаалы *к.* шабдаалы; *айлар шабдаалыдан ал.*

АЙЛЫК *жерг., лейл.* айык; *owрудан айлыктывы?*

АЙЛЫККОР *лейл., жерг.* айлык алып иштеген киши; *биздин бала да айлыккор.*

АЙЛАККЫСЫЗ *батк.* айласыз; *аябай*; *айлаккысыз ооруп калыпмын.*

АЙМА *өзг., лейл.* 1. аткы, тыт; *бетимди аймап алды*; 2. бетти сылоо, өөп – жыттоо; *жел бетти аймады.*

АЙМААК *пам.* көкүрөктү эле эзгилей берген адаты бар бешиктеги бала; *онун баласы аймаак.*

АЙМАК I айыл – аймак, айыл – апа; *көп жылдан бери кәсәлмәнмин, айыл – аймакка чыкпадым*; **урук – аймак** *жерг.* бир атадан тараган, урук, тукум; *урук – аймагын бүт сыйлайт.*

АЙМАК II *түнд.* баш кийимдин төбөсүнө коюлган кооздук.

АЙМАЛА *лейл.* сылоо, жыттоо; *бетти аймалап кирет.*

АЙМАЛАКТАШ *батк.* тытыш, талаш; *оюнчукту аймалакташып жатат.*

АЙМАҢКЫ *кочк.* соргок; *куурайды да жеген аймаңкы.*

АЙМАП *жерг.* айры; *саманды аймап менен түрдү.*

АЙМООК *пам.* бир нерседен чыкпас үчүн жасалган түйүнчө.

АЙМООЧ *өзг.* 1. бир нерсени терең жерден илип алуучу тиштүү (ачалуу) илмек; *кудукка түшүп кетип аймооч менен алдык*; 2. тырмоок; *саманды аймооч менен түрт*; 3. топ таш ойнунда колдонулуучу жазынын бир түрү; *аймооч, токмок, шыпыргы, чымчуур, сылооч жазасы бар.*

АЙНА *чатк., өзг., тал.* 1. күзгү; *ой, сен, өзүңдү айнадан бир көрчү*; 2. *өтм.* эрке, жылдыз; *келем, айнам, келем.*

АЙНАКАЙ *тал.* аппачык; *курдаш деген сөз ага айнакай эле жакпай калды.*

АЙНАН: айнана койойун *батк.* айланып кетейин; *айнана койойун, балам, көп иштеп оwруп калыпсың.*

АЙНЕК *атб., түшт.* 1. күзгү; *жакшы айнек табылды*; 2. терезе; *ол китепти айнекке койгом.*

АЙНЕК ТОСОР *пам.* терезе парда; *айнек тосорду пастат.*

АЙНЕКЗАР *батк.* айнектүү; *айнекзар үй куруп алган.*

АЙНЕКЕР *зам.* үйдүн терезесине салына турган айнек; *айнакерди салып кой.*

АЙНЫК *тал., ичк., жерг., батк.* айныкейчил адам; *сөзүдө тутуругу жок айнык экен.*

АЙНЫКЕЙ *түнд.* айныма; *айныкейи бар, сөзүнөн жанбасын.*

АЙНЫКЕЙЛИК *түнд.* айнып кеткендик; *айныкейлигиң кармабасын.*

АЙНЫККЫРА *алб.* айнуу; *улгайганда айныккырап калат.*

АЙНЫКСА *ичк.* айрыкча; *айнықса шунун кылыгы өттү.*

АЙНЫКЧА *жерг.* айрыкча; *айнықча быйыл күн ысык.*

АЙОЛТАЙ *түшт.* уруунун аты; *айолтай адигинеге кошулат.*

АЙООЛА *ош.* аео; *айоолоп жерге койо алвайт.*

АЙПАК *тяньш., өзг.* аяк кап; *айпактагы пийәләни алып берчи* (сал. айкап).

АЙПАРАҢ I *жерг.* 1. катуу чыккан үн; *кулупта айпараң болгондуктан, басып чыгып келе бердим;* 2. апыртуу; *шунчалык сөздү айпараң этет.*

АЙПАРАҢ II *жерг., зам.* айкара; *чапанын айпараң жамынды.*

АЙПЕРИ *түшт.* укмуш сулуу; *селкилери айпери.*

АЙПОЧ *жерг.* өлүктү жуу үчүн колго кийиле турган жеңче; *айпочту кийип алып жуwду* (бул сөз «Манас» эпосунда «айпооч» түрүндө жолугат).

АЙРАК I *лейл.* чоң энесин өтө жакшы көргөн бала (көбүнчө кыз балага карата айтылат); *онун жанында айрагы бар.*

АЙРАК: **айрак–буйрак II** *ош.* ийри – муйру; *айрак–буйрак этет тамгалары.*

АЙРАЛЧЫ *зам.* кыйыр (чүкө ойнунун бир түрү); *айралчы деген оюн бар.*

АЙРАМАЧ *лейл.* айрымач; *айрамачка мингизип алып келген.*

АЙРАН *түшт.* 1. чалап; 2. *түнд.* сүттү бышырып уюткан айран (түштүктө бул мааниде «катык» деген сөз колдонулат, ал сөз түндүктө ысык тамак жасоо үчүн колдонула турган бир аз май – сай, эт – мет деген түшүнүктү берет); 3. *өзг.* тырмакка түшкөн ак так; *тырмакка айран чыгыптыр*; **айран–тойрон** *тал.* жалпы эле айран, чалап, куруттун суусу ж.б. ак – сак; *айран–тойрон жок экен*; **жалама айран** *ыск.* идишке жугуп калган айран; **иримчик айран** *батк.* келегей уюган айран; *иримчик айранды ичесиңби?*

АЙРАНМАН *суз.* дедиреп эси оогондук; *көбүктү көрүп айранмаң калышты.*

АЙРЕК *тал.* айрөк; *айрек-айрек деп ойунда айтат.*

АЙРӨК *түнд.* бирөөнү эликтөө, ызалоо маанисинде айтыла турган сырдык сөз; *жетпей калсаң, айрөк-айрөк!*

АЙРӨКТӨГӨНСҮ *ыск.* эликтөө; айрөктөгөнсүп мурдун чүйрүдү.

АЙРЫ I *батк.* 1. эки өркөчтүн ортосундагы кайкы жер; 2. *батк.* саржан; 3. *жерг.* эки өркөчтүү төө; *айрывысын, нарвысың, мында адам барвысың?*; 4. *жжол.* жыгач өсүмдүгүнүн, туяктын ачасы; *айры, көпөк дүрөгөй, тогонок деген сөз бар*; **айры куйрукта** *өзг.* айры куйрук сымал качырып келип илип кетүү; *айры куйруктап илесиң, сен амалды кайдан билесиң?*

АЙРЫ II: айра сал *батк.* башы – көзүн айра чап, ур; *айра сал, Тәжи.*

АЙРЫ III *түшт., чүй.* аары; *айры чагып алган жери шишип чыгат*; **асел айры** *түшт.* бал аарысы; *асел аарыны карачы*; **кара айры** жапайы аарынын бир түрү; *кара айры аз-маз эле окшойт;* **сар айры** жапайы, кичирээк, сары түстөгү аары; *кел, сагыра, мында өт, сар айры чагып алвасын.*

АЙРЫК *пам.* 1. чат; *айрыктан барып ажырашады*; 2. *түнд.* 1. тоонун салаа – саала болуп бөлүнүп кеткен жери; *айрыктарды карап атты тап*; 2. жердин аты; (көбүнчө татаал аттарда учурайт); *Он-Эки-Айрыкты оторлошкон* (сал. тув. адырык «чат»); **бел айрык** *пам.* 3. тоо белинин эки жакка ажырап кеткен жери; 4. жердин аты; **жол айрык** эки жакка ачаланып кеткен жолдун ажыраш жери; **орто айрык** *акт.* өтө чоң эмес, орточо келген кокту, колот; **улуу айрык** чоң айрылыш кокту, колот.

АЙРЫЛ *жерг.* салаа – салаа, айрык жер; *айрыл жерди айтавыз.*

АЙРЫМАЧ *суз.* эки айрык; *айрымач белестен ай каалгыйт* (сал. айрамач, айырмач).

АЙРЫМАЧТА *өзг.* айрыбашта; *телпегиңи айрымачтайсыңбы?*

АЙСОЛТО *чүй.* солто уруусунун илгерки урааны.

АЙТ I: айт-айт *түнд.* эгинге конгон чымчыктарды учуруп айдоо үчүн колдонулуучу сөз; *айт-айт, куу-куу!*; **айт чү** жылкыны айдаганда колдонулуучу сырдык сөз; *айт чү, тос бери.*

АЙТ II: айт-арапа *пам.* айтта үй – үйгө кыдырып тамак ичүү салты; *айт арапа той болсо, аргымак жалын өрөйүн* (айт – арапада оюн – тамаша: ат чабуу, күрөш ж.б. оюндар өткөрүлгөн. Азыр бул салт жоюлуп калды); **улуw айт** *жжол.* жалпы эл катышкан, шаан – шөкөт менен өткөрүлгөн курман айт; *улуw айтта айылдагылар сөз кылат;* **кичүw айт** урук – тууган, куда – сөөк арасында өткөрүлүүчү орозо айт; *эки айт болот эмеспи – улуw айт, кичүw айт.*

АЙТА I: айта-буйта *ыск.* ана – мына; *айта-буйта дегиче.*

АЙТА II *чүй.* илгерки солто уруусунун бир тобу; *айта, чыңгыш, түлө кавыл, жети кашка дейт.*

АЙТАЙЛА *жерг.* атайыла; *айтайлап эде казавыз.*

АЙТАЙЫ *жерг.* атайы; *айтайы гэп кылды.*

АЙТЕК *пам.* 1. ачуу, жаал; 2. *жерг.* илгерки уруунун аты (Жерге – Талда бул уруу гыдыршага, Памирде кесекке кошулат. Бул сөз тофа диалектисинде жыгачтын кырындысы; турецтердин тилинде «ачуу» деген мааниде колдонулат).

АЙТЕРЕК *суз.* теректин бир түрү; *айтеректин савы жок.*

АЙТИП *кочк.* антип; *айтип-бийтип баргыча, сен кетип калыпсың.*

АЙТКЫЧ *тал.* 1. бир нерсени таап айткан киши; 2. төкмө; 3. кошокчу; *жеткен кыйын айткыч айал.*

АЙТКЫЧЫЛ *тал., батк.* 1. чечен, сөзмөр; 2. *жжол.* сырды жашыра албай экинчи бирөөгө айтып берип койгон киши; *сен айткычылсыңбы деп коркутат.*

АЙТКЫР *пам.* айткыз; *бу гәпти огон айткыр.*

АЙТМЕРЕК *түнд.* уруунун аты; *тигил айтмеректин заңгырап тоону жаңыртканы эмнеси?*

АЙТӨШ *к.* айдөөш; *мына муну айтөш дейт.*

АЙТПАЙ *чүй.* уруунун аты; *айтпайдан чыккан бала экен, үнү булбулдай* (айтпай уруусу сарыбагыш менен солтонун арасына тараган).

АЙТТЕ *батк.* ал жерде; *айтте отурукташып калган.*

АЙТТЫК *жжол., пам.* куда тараптан али ника кыйыла элек кызга айт күндөрүндө берилип жиберилген белек – бечкек (мөмө жемиш, топу, сөйкө, самын ж.б. майда – чүйдө нерселер. Көбүнчө аларды аялдар алып келишет); *баланчанын кызына айттык келиптир дешет.*

АЙТЫ *түшт.* уруунун аты; *адигиненин ичинде айты, айбек, ай, әдимбай, авышка деген топтор бар.*

АЙТЫКЕ *түнд.* уруунун аты; *биз айтыкевиз, адигинеге эсепбиз.*

АЙТЫМ *түшт.* 1. ооздон – оозго өтүп айтылып кала турган сөз; *айтымга калсын үчүн айтат;* 2. *жжол.* макулдашылган сөз; *баягы айтым боюнча келдим.*

АЙТЫМАКЧЫ *өзг.* айтмакчы; *айтымакчы биздеги сүүдай шар агат.*

АЙТЫМДУУ *түшт.* акыл – насаат маанисиндеги үлгү, улама сөз; *айтымдуу сөзгө канасың.*

АЙТЫШ: керме тоо айтыш *чүй.* катуу кажылдашып, тартышып айтышуу; *жаман керме тоо айтыштыңар го!*

АЙУУ *ичк. к.* аюу (сал. айык); *түлкү айуудан качат;* **инек айуу** чоң ургаачы аюу; **мада айуу** *ургаачы чоң аюу;* **токту айуу** *бир жаштан оогон ургаачы аюу;* **өгүз айуу** *эркек аюу.*

АЙЧА *батк.* найча; *кырмызы көйнөк, айча бел.*

АЙЧАЧУУ *пам.* айчачуу; *өзг. к.* айчачы.

АЙЧАЧЫ *өзг.* өсүмдүктүн аты; *айчачынын гүлүн айры соруп алат* (жергиликтүү эл бул өсүмдүктүн тамырын кырчаңгы, котур баскан малдарды дарылоого колдонуп келишкен. Анын тамырын ысык сууга кайнатып, ошол суу менен жаратты жуушкан).

АЙЧҮРӨК: айчүрөк сайма *өзг.* канаттуу кыздын учуп бара жатканын элестеткен сайма; *бисте көвүнчө айчүрөксайма деп койот.*

АЙЧЫК *түнд.* 1. териден жасалган буюмдарга (көөкөр, көнөчөк, көнөк ж.б.) салынган ай түрүндөгү орнамент; 2. *тал.* айдын элесин берген оюу; *айчык–айчык ойуу шырдамал;* **төрт айчык** шырдакка түшүрүүчү оюунун бир түрү.

АЙЧЫЛЫК *жерг.* өтө алыскы жер; *айчылыктан суу ичер.*

АЙША: айша осурак *батк.* жандыктын аты (өрүк бышкан мезгилде өрүктөрдүн башында көп болот); *айша осуракгарды терип тәштәдим.*

АЙШЕНЕ *жерг.* аяш эне; *досумдун энесин айшене дейм* (бул жерде «айаш эне» деп толук формасын айтуу бир аз ороюраак угулат).

АЙЫ: көлдүн айы *тоң.* көлгө кошулган суунун кум чайкап калган

тайыз жери; *төмөн көлдүн айы* (ай+ы) *ченде өрдөктүн үнү чыкты.*

АЙЫБДОРДУК *жерг.* айыпкердүүлүк, айыптуулук, күнөкөрдүүлүк; *ол айыбдордугудан тым–тырс жерди карап отурат.*

АЙЫБНАС *пам.* жаман адат, мүнөз; *о жакшы эле кыз, бир айыбнасы туткактыгы.*

АЙЫБНАСТЫК *пам.* жаман адаттуулук, жаман мүнөздүүлүк; *бир айыбнастыгы бар.*

АЙЫК I *пам.* аюу (сал. айуw); *мен көп жылдан бери айык көрөм.*

АЙЫК II *ичк.* 1. айбыгуу; *душманга айыкпастан барды*; 2. коркуу; *беттеше келгенде айуwдан айыкпайт*; 3. карышып алышуу, тиштешүү, кармашуу, эрегишүү; *илгери ит төрөсү кумайык, бөрү төрөсү Көкжал үч күн айыккан экен.*

АЙЫЛ *түшт.* 1. басмайыл; 2. *жерг., пам.* басмайылдын төңөлүгү; *шуну менен бүттүм, балам, ону айыл дейвиз*; **басыр айыл** *пам.* 1. илгери бийлик ишине кийлигише албаган укугу төмөн айыл; 2. куранды айыл; **кичине айыл** *түнд.* 1. илгерки учурдагы майда уруу тобунан куралган айыл; 2. бийлик жүргүзгөн айылдын малын багып, оокатын жасап күн көргөн укугу төмөн айыл; 3. укум – тукуму аз, башка чукак бир аз үйдүн тобу; **чоң айыл** 1. илгерки учурда таптык эзүү жагынан укугу чоң уруу тобу; 2. бир атанын, бир тукумдун ичиндеги тың чыккан, же бийлик жүргүзгөн үй башкаруучунун ага – тууган, урук – жуурат айлы; 3. жалпы эле эли, түтүнү көп айыл.

АЙЫЛДА *жжол.* жүгөрү, картошка отогондо биринин солун бири чаба кетип отоо; *айылдап чап, ото.*

АЙЫЛЧЫ *түшт.* уруунун аты; *айылчылардын ажыдаар, жолборс сүрү бар, багышка кошулат*; **айылчы чаркөө** *ыск. к.* омой соргок; *айылчы чаркөө деген бүркүт бар.*

АЙЫМ *түшт.* 1. сулуу аял, жар, селки, колукту; 2. *өтм.* жатып ичер аял; *онун айымы үйдө созулуп отурат*; 3. *батк.* мышыктын баласы; *мышыктын айымдарын кара.*

АЙЫМЖАН 1. сулуу жан; 2. аялдын аты; *айымжандар көр, ону айтпай эле койуң*; **Айымжандын алты сайыш** *өзг.* иш кыла албаган (көбүнчө ийне сайганды билбеген) аял (лакап); *үй шываганды билбейт, ону Айымжандын алты сайыш деп койот.*

АЙЫМКАН 1. сулуу, даражалуу аял; 2. аялдын аты; *онийактан келгендер айымкан десе билбейт экен.*

АЙЫМПАША *өзг., терг.* мышык; *үйдөгү чычкандардын тынчын айымпаша кордойт.*

АЙЫМЧА *түшт.* 1. жаш селки; *өзүвүздүн эле айымчалар, әкәң жок*; 2. *лейл., терг.* сабиздин өзөгү; *айымчасы ичкерде, чачымчасы тышкерде* (таб. сабиз).

АЙЫН *ичк.* 1. айбыгуу, уялуу; *үйгө кирвей айынды*; 2. айнуу; *оолу куруп жатып айынды.*

АЙЫҢ *пам., лейл.* 1. өөн, ыксыз, орунсуз, ылайыксыз; *мундайды бизде айың көрөт*; 2. *суз.* ушак; *айың айтпай жүр*; 3. күнөө, айып; *биз барып келбесек айың болот*; **айың гэп** *лейл.* ушак; *айың гэп айылды иритет* (мак.).

АЙЫПТАР *жерг.* айыптуу; *мурунку вакта ахундар байларга айыптар болор эде.*

АЙЫРАК *лейл. к.* айрак **I**.

АЙЫРМА *жжол.* үйдүн оорусунун бир түрү; *үйдун айырма деген оорусун кәмпир билет.*

АЙЫРМАЧ *ыск., тяньш.* 1. башы ашталып жасалган примитивдүү

жыгач ээр (көбүнчө көчкөндө жаш бала токунуу үчүн жасалган); *айырмачтын каргадай Өмүрвек;* 2. *тянш.* оюунун бир түрү; 3. *түшт.* ачалуу жыгач, же жыгач айры; *бизде бурун айырмач болор эле* (сал. айрамач, айрымач); **оймо айырмач** кооздолуп жасалган айырмач; *сатып келген оймо айырмач жок.*

АЙЫРМАЧА *атб.* айырма; салттары бирдей эле, айырмасы аз (түндүк говорлордо «айырма» болуп айтылат).

АЙЫЧЫ *батк.* ай ичинде; *шу айычы әрмийәдән келет.*

АЙЫШ *чүй.* жантык; *кичине айыш карма.*

АЙЭЭЙ *түнд.* сырдык сөз (таң калууну туюндурат); *айээй, мунуңда көп кеп барго, жеңе.*

АКК – АКК сырдык сөз (чалпоо аттарды токтотуп тынчтандырганда айтыла турган сөз); *акк–акк, кудай аткыр ат экен*!

АК I *түнд.* ыраазы болуп, сүйүнүп, кубанганда айтылуучу сырдык сөз; *кебездей болгон колуңдан кагылам го, ак*!

АК II: ак болгур! *түнд.* уйду каргоодо колдонулуучу сырдык сөз; *сүт чыкпайт, ак болгур*!

АК III: ак олдо *түшт.* олдо катыгүн; *ак олдо, о бәләкәт*!

АК IV: ак салды *жерг.* көзгө конгон конок; *көзүңө ак салды качан конду*?; **ак сунуу** *түнд.* эл жайлоого көчкөндө көчтү алдынан тосуп, адамдарга кымыз, айран сунуп, жуткуруу салты; *жолуңар ак, шыдыр, кырсыксыз, мал–жаныңар аман болсун деп ак сунуу кылышат*; **ак түшкөн, ак түштү** *жерг.* 1. уй, койдун желинине ак темгил болуп түшкөн жара; *ак түшкөн желин* (мындай учурда малдан сүт чыкпай калат); 2. өсүмдүктүн бир түрү; 3. үч жагы бөксө тоо, орто жери кайкы болуп жалаң кымыздык чыккан жер; *ак түшкөнгө баравыз, «кызы бардын назы бар» дегендей кылабыз.*

АК V: ак туф *пам.* жийиркенген – дикти туюндуруучу сырдык сөз; *ак туф, шундай да айванчылык болот экен*?!

АК VI: ак кийгизүү *карс.* аза күткөн аялга сый – сыпат жасап барып кара киймин чечтирип, ак түстүү кийим кийгизүү жөрөлгөсү; *ак кийгизүү эки–үч айдан кийин деле болот*; **актан келдим** *зам.* ак пейил менен келдим; *дәйди эмисмин актан келдим*; ак кайыр *жжол.* ак күлкайыр; *ак кайыр эгип койгондой чыгыптыр.*

АКА: ака чөөл *кашк., өзг.* ак чөөлмөк; *ака чөөл ойноп жүрүп, бойну кылтактайт* (кээ бир жерде бул сөз, ака чөөлмөк делет).

АКАВА *өзб., түшт.* 1. жайылып тоз болуп кеткен суу; 2. *лейл.* саркынды (сал., өзб. окова «майнап, саркынды»); *алыстан келдиңерби, акавадан өткүлө, бирге басалы, әйләнәйиндәр.*

АКАВЕЙ *жжол.* акыйнек; *акавей салган алты кыз, эң кичүүсү, Тоту кыз.*

АКАЙЫ *лейл.* аңкоо, алаңгазар; *онун баласы акайы өсүп калыптыр.*

АКАЛА I *лейл.* эч, тегеле; *бизге акала суw кевейт.*

АКАЛА II *чүй.* демит, кысмакта; *акалап жаман шаштырды.*

АКАЛАКТА *түшт.* акакта; *акалактап чуркап келди.*

АКАЛАКЧЫН *ыск.* илгери Син – цзянда колдонулган чин; *акалакчын деген болгон, ошол көрсөттү белем кордукту.*

АКАЛАН *жерг.* жок дегенде; *акалан бир атывыз болсочу.*

АКАЛЫ *жерг.* кур дегенде, эч болбогондо; *акалы ишке суw жок.*

АКАНДОЗ *зам.* мештин күлүн

чыгаруучу калак; *ботом, әйләнәиндәр, акандозду билбейсиңерби?*

АКАТ *суз.* акыйкат, чындык; *акат менен сүйлөйт.*

АКАЧОЛ *ал. к.* ака; акачол ойноп, өтүк айрылды.

АКБАЙ *түнд.* уруунун аты; *кушчу, саруулардын ичинде акбай деген бар.*

АКЕ *тал., түшт., суз.* 1. аба; 2. байке; *аке, сиз бүгүн ойноп келдилерби?*; 3. *чүй, сейр.* апа, эже; *акем савакка кетип, атама жолукпады*; 4. *чүй, кочк.* ата; *аке, апама айтып койсоңуз, жол болсо келип калам*; 5. *түнд.* өзүнөн улуу эркек адамга кадырлоо иретинде кайрылуу сөзү; *аке, бир-эки айдан бери карып кеттиңиз*; 6. тобокелге салып, кайрат кылгандыкты, бел байлагандыкты туюндуруучу сырдык сөз; *теги ушундан келгенди көрдүм, аке!;* **аке-жаке** ага-тууганга жалынып кайрылуу сөзү; *аке-жаке деп жанды койбойт* (сал. әкә – үкә).

АКЕЖАН *тяньш.* 1. кесме, күрүч аралашкан ботко; 2. каймак кошулган коюу айран; 3. майга куурулган ботко тамак; акежанга айавай тойдум.

АКЕЗ *тал.* жарым жан; *ач кулактан тынч кулак, мени тим койгулачы, айланайындар, өзүм акезмин.*

АКЕЗДУW *тал.* жарым жандуу; *бу кызымын аты Мастура, эң кенжевиз, атасы акездуw.*

АКЕЙ *түнд.* таңдануунуу билдирүүчү сырдык сөз (кээ бир учурда «окей» болуп да айтылат); *акей, кайра күчөп чуркайт да!*

АКЕЛ *к.* апкел **II**.

АКЕЛЕ: акеле-жакеле *түнд.* аке – жаке деп кайрылуу, жалынуу; *акелеп-жакелеп келе калат* (сал. әкәлә – үкәлә).

АКЕЛЕТ *түшт.* аке – аке дедиртип кайталатып айттыруу; *өз алдымда акелетем.*

АКЕЛИК *жжол.* агалык; *чоңдук ойлуулук менен дейт акеликке салып.*

АКЕТАЙ *ыск.* 1. акеге эркелеп, өтүнүп, жалынып кайрылуу сөзү; 2. *ыск.* сырдык сөз (таңыркоону туюндурат); *акетай, айээй тигини карасаң, тилин тартпайт.*

АКЕТАЙЛА *ыск.* 1. акетай – акетай деп кайра – кайра эркелөө, өтүнүү, жалынуу; *акетайлап буйташат*; 2. *ыск.* акетай деп кайра – кайра таңыркоо; *акетайлап отуруп оозунан сөзү түшүп калды.*

АКИ: аки-чүкү *ыск.* көр – жер болуп, майда – чүйдө өндөгөн иш, оокат, тиричилик; *аки-чүкү болуп жүрүп бүттүк.*

АКИМ: **аким шапалак** *батк.* өрүктүн бир түрү (өңү саргыч, чоң, жылмакай, ширелүү өрүк, как кылганга жарабайт); *аким шапалактын башына чыгып тер* (Лейлек, Баткен тарапта өрүктүн: кавак//кавак өрүк, хасек//хасек өрүк, агөрүк, ак пышар өрүк, хасек//суу хасек, курмайы, мүрсәнжәли, үчма кандек, әләгәжир, көк пышар өрүк, ачыдәнә, молдо гәдәй деген түрлөрү, аттары бар).

АКИРИШТЕ, АКЫРЕШТЕ *ыск., ноок.* чамгарактап көтөрүлүү.

АКИСТЕ *тяньш.* көшөрүү, акчылануу, көгөрүү, өжөрдөнүү.

АКИСТЕН *тянш.* акчылан; *бүгүн акистенип уруша кетишти.*

АККАНЫ *жерг.* акыйкат; *жигит болсоң акканы сөздөн калва.*

АККАРЫЛЫК *тал.* ой, карылык ай!; *аккарылык* (ак карылык), *бир кесим эт жейм деп балээге каласың.*

АККАТТА *лейл.* акыйкатта; *аккатта койондой окшош.*

АККУЛА *алб.* кожо – молдо, жетим – жесирге берүү үчүн бөлүнүп коюлган эгин.

АККЫЛЫК *ыск.* ага тургандык; *мындай суугa аккылык кылбасын, сөөгү сөпөт болбойбу.*

АКПАЙ 1. *чүй.* ак мая, эгин талаасы; *илгери бул жер акпай болуп жатчу*; 2. *тал., жжол.* илгерки уруунун аты (илгери Таластын Покровка тарабында жашаган); *күйөөүм акпай, экөөүз өмүр кургандан бери беш кыз, үч уул көрдүк.*

АКПАР *кашк.* укмуш; *алыс жерден мен барсам акпар болду.*

АКРАВА *жерг.* 1. жакын санаалаш тууган; *ат алсаң акраваң менен, кой алсаң коңшуң менен кеңеш* (мак.); 2. *сейр.* коңшу; *акрававыз эде, кудайдын иши экен, әжәли жетип бир кыз, эки уулун эгесине берди.*

АКРАП *лейл.* эскиче ай аты (бул болжол менен ноябрь айына туура келет); *акрап–жайдын акыры.*

АКСАЙМАК: агдаймак–аксаймак *тал.* оюндун аты; *агдаймак–аксаймак деген ойун болот.*

АКСАК: аксак кемпир папалак *түнд.* 1. жөө оюндун бир түрү; 2. *чүй.* күндүн жаасы; *сөөктөн чыккан немеге сыздадык да ыйладык, анан эмне кылмак элек, эшикке чыксак, асманда аксак кемпир папалак*; **дүлөй аксак** *суз.* койдун туяктары тешилип оору; **кара аксак** *тал., батк.* кой–эчкинин буту шишибей эле, жара чыкпай эле жөн ооруп аксап калышы; *кара аксакта үч–төрт күн от жевейт*; **муун аксак** *тоң.* козу–улактын мууну ыйлаактап, шишип, аксап ооруган бут оорусу; *муун аксакка меңдувана – дары*; **сала аксак** *батк., тал.* малдын туягына жара чыгып ооруган аксак оору; *сен «Үч–Коргондо үчтә кәл, бир–бириңди башка сал» деп ырдай бериң, мен сала аксакты дәриләйин.*

АКСАҢКУЛАК *пам.* 1. оромпай; *балдар, келгиле, аксаңкулак ойнойлу*; 2. *жерг.* чикит ойноонун бир фазасы (чикиттин баласын чапканда жерге тике сайылып калса, аны бир кулагынын үстүнө кыпчып оромпай тээп келе бере берет. Кайсы жерден жерге түшсө, ошол ордунан уяга ыргытат); *жүгүр, аксаңкулак болуп калды*; 3. *жерг.* жаш баланын орозонун башында, ортосунда, аягында бир күндөн орозо кармап, калган күндөрү ооз ачык жүрүшү; *силерден жәширип кереги мине, әйләнәйиндәр, балам аксаңкулак кармады.*

АКСЫ, АКСЫМ *кашк.* күүгүм; *сен аксы болгондо кел.*

АКСЫЗ *өзг.* бир жерден экинчи жерге адамды күч менен көчүрүү; *кулактарды аксыз кылган.* (Жерге – Талда «можур» деп аталат).

АКСЫЛ *ичк.* малдын оорусунун аты (к. акшыл); *койлорго аксыл тийиптир* (адегенде туяктын ортосуна бүдүр чыгып, ал чоңоюп, эгер дарылабаса, мууну шишитип, бутту бастырбай, малды өлтүргөнгө чейин алпарат. Өзү жугуштуу болот. Муну менен кой – эчки ооруйт).

АКСЫМ 1. *кетм.* пиянкеч; 2. *тяньш., чүй, ыск.* анткор, текебер адам; *аксым кишидей болво, чай куйуп бер.*

АКСЫМДЫК *тяньш.* жалакордук, шыкакчылык; *аксымдык жагын өнүктүрдү.*

АКТА I *жерг., пам., тал.*, бычылган жылкы, ат; *айгыр минбей акта кел* (сал. тув. акта); *акта кыл быч; айгырын акта кылды.*

АКТА II *ыск., чүй* накта; *эт сатса кээси актага сатат.*

АКТА III *ыск., тяньш.* ээрдин эки капталынын аралыгы; *ээрдин актасын карачы, жонун басып койбойсун.*

АКТАЙ *өзг.* ак көңүл; *актайы тутуп турат.*

АКТАЙЫМ *жерг.* баланы эркелетүүдө айтыла турган сөз (дайыма **1** – жакта колдонулат); *актайым (ак+тай+ым), келе койчу!*

АКТАКАНА *жерг.* 1. бычылган аттар туруучу сарай; 2. *пам., жерг.* жалпы эле ат байлануучу короо; *атты актаканага байла.*

АКТАЛ *жерг.* атал; *акталып чыктың.*

АКТАЛА *түшт.* малды бычуу; *акталап койуп кетти.*

АКТАМА *жжол.* эмалданган идиш; *актамага суw куйуп кой.*

АКТАНА *батк.* ак мончок топчу.

АКТАР *ичк.* 1. аңтар; *үйдү актарат экен*; 2. *батк.* оодар (бир нерселерди аралаштырып оодаруу); *жаман авысыңца баргыча, жакшы чаваданыңды актар* (мак.).

АКТАРЫЛ *батк.* 1. көңүл айнуу, кускусу келүү; *көңүлүм актарылып кетти.*

АКТАРГА *тяньш. к.* акта **III**; *актарганды кара, аргымак минип түн.*

АКТАЧЫ *жерг.* 1. атчы; 2. илгерки уруунун аты (Жерге – Талда кыпчак уруусуна кошула турган топ); 3. *жерг., пам.* жылкы биттей турган киши; *актачы жылкы бычат.*

АКТОW *батк.* тарууну актоо, түйүү; *орто актоw, онон таза актоw кылат.*

АКТӨГӨР *кашк.* алачык; *актөгөрдө күйөw болот.*

АКТЫ: акты-боз *түнд.* 1. боз бала; 2. таңдын атып келе жаткан мезгили, таң сүргөн кез, таңга маал, куланөөк; *таңдын актыбозунда тердеп, катуу ымшып уктап аткан экен*; **акты суу** *атб.* ак (кымыз, сүт, чалап) кошулуп кеткен суу; *акты суу болуп калды.*

АКТЫК I *пам.* 1. жалпы эле айран – сүт (айран, кымыз, сүт, быштак, каймак, жуурат); *айльңарда актык барвы?*; 2. *жжол.* жуучулук кылганда кыздын ата – энесине белек – бечкек берип ыраазылык жана макулдук алуу жолу; *жуучу барып кыздын ата-энесинен актык алат*; 3. *пам.* тойго арнап союлган мал жана ал малды мууздап жаткан адамга ак тилекти билдирип себилген ун; *кой сойгон адамга актык септи*; 4. *лейл.* уялык (сал. өзб. оклик «жумуртка»); 5. *түнд.* кепин; *актыгын мурун камдап койот*; 6 *пам.* төөнүн башына кооздук жана ырым үчүн байланган ак түстүү нооту материал; *төwдүн башына актык бәйләп келет эде*; 7. *жжол.* дан, эгин; *актык айдап, мал бакты.*

АКТЫК II *түнд.* аза күтүүчүлүк; *актыкка барып келди.*

АКТЫККАНА *батк., ноок.* мал сарай; *атты актыкканага алып барып байла.*

АКТЫХАНА *жерг., лейл. к.* актыккана; *аргымагын актыханага бәйлә.*

АКУДАЙЧЫ *зам.* кудайдан көп тилек кылган адам; *акудайчыны (а+кудай+чы) унутпас.*

АКУМ: акум-какум *өзг.* какым (өсүмдүктүн аты); *акум-какум кам каймак.*

АКУР *өзг., зам., жжол., батк., тал.* акыр; *акурда ак мончок ойнойт* (таб. саман).

АКУРЧӨК *ичк.* элечектин төмөн жагына ак материалдан кулактан ээкке чейин туюк, андан ылдай салпылдатып көкүрөккө түшүрө жасалган салпаңдоор; *акурчөгүн силкип койду.*

АКЧА *өзг., чүй, ыск.* пул, тенге; *акчанын энеси-тыйын, тыйынды табыш кыйын* (мак.).

АКЧААМАЙ *чүй.* семиз эт; *акчаамай эти бар жээрде.*

АКЧӨМӨНӨК *ал.* ак чөөлмөк; *акчөмөнөктү түндө ойнойт.*

АКЧУЛАН 1. *чүй.* агыш, акчыл;

акчулан булут калкып жай баратат; 2. *терг.* түлкү.

АКШАМ *зам.* 1. түн ичинде; 2. кеч; *акшам кийниге баравыз.*

АКШАР, АКШОРО *тяньш., түшт.* өсүмдүктүн аты (бул өсүмдүк тоодо өсөт да, майда агыш жалбырактуу болот); *эшигиң алды акшар чөп.*

АКШЫЛ *түшт. к.* аксыл; *акшыл–жүдэ катык оwру.*

АКЫ: **тандай акы** *батк.* сүт акы; *кызды зоройткондо таңдай акы бер дейт*; **туз акы** *батк.* илгери байлар бир жыл мал баккан адамга бир кой – эки кой төлөп, андан кийин ичкен тамак – аш үчүн «туз акы» деп дагы үч – төрт ай бекер эле мал кайтартып алуу адаты; *илгери туз акы деп да чопондорду эзген.*

АКЫВАТ *ичк.* кайрым; *бир–бириге акыватьı жок.*

АКЫВЕТ *ош, өзг.* 1. натыйжа; 2. *өтм.* жакшылык; *акыветиң шуву?*; 3. *өтм.* ырыс, дөөлөт; *акывети кеткен элби дейм.*

АКЫЙ: акый–акыйнек *түнд.* акыйнек айтышын баяндаган күү; *акый–акыйнек — элдик күү.*

АКЫЙКА *ош.* токтобой жүргөн баланы токтотуу үчүн жасалган ырым; *акыйка өткөргөн экен.*

АКЫК *ичк.* 1. акак; *акык алып келди;* 2. *лейл.* моюнга жалгыз тагылган чоң шуру мончок; *базардан акык сатып алдым.*

АКЫКАТТА *лейл. к.* акатта; *акыкатта алганың болуп бир жатсам.*

АКЫЛ: акыл жигит *ичк.* акылман жигит; *айтканыдан кайтпаса, акыл жигит жакшы экен;* **акыл–үш** *лейл.* акыл – эс; *акыл–үшүңдү пештеп ал*; **акыл кара** *батк.* 1. өсүмдүктүн аты (жергиликтүү эл баш, тиш ооруга дары катары эсептешет); *акыл караны бар дейт, көрвөдүм*; 2. *терг.* кара карга; *акыл кара келип кондү, кесек менен уруп живер.*

АКЫЛЕТ 1. *түшт.* жер семирткич (күл, кык, заң ж.б.); 2. *өзг.* шыпырынды; *акылеттен артык болвойву.*

АКЫР *кашк.* акырын; *акыр бас, мунуңа шүгүр кылайын.*

АКЫРАВА *жерг. к.* акрава; *акыраваң жакшы болсо, агадан артык болвойву.*

АКЫРЧӨК *лейл.* апкыт; *бу отүктүн акырчөгүн кайетте оңдотосуң?*

АКЫРЧӨП *зам., лейл. к.* акырчек; *акырчөптү ондотойун, мейман, койо турун.*

АКЫШ *пам., түшт., зам.* килемдин түрү, кооздугу; *гилемдин акышы болот* (бул сөз өзбөк, тажик тилдерине жакын говорлордо «накыш» түрүндө жолугууга тийиш эле).

АЛ I: алып салар *жерг.* төлгө таштын баш жагы үчтөн, аяк жагы чогу түшкөндөгүсү; *алып салары жакшы түштү;* **алып салмай** *батк.* чакмак таш ойнунун бир фазасы (мында жерге таштарды чачып жиберип, оң кол менен бирден алып өйдө ыргытып, сол кол менен бирден тосуп терип алат); *алып салмай башталды*; **алың күйөw** *жерг.* ника тойдо төшөк үстү маалында кызды төшөккө ороп келип, күйөө баланын алдына тоголотуп жибергенде айтыла турган туюнтма; *алың, күйөw–алың күйөw дейт*; **алды–алды, алды–качты, алды–кетти** *лейл., пам.* 1. улак тартуу оюунунун аяккы этабы, бүтүшү; 2. көк бүрүнү (түштүк райондордо торпок тартылат) эң аягында ким маарага жеткирсе, ошол адам анын этин өз үйүнө байге катары алып кетүү жөрөлгөсү; *алды–алдыны Ахун алды.* (Памирде көк бөрү тартуунун: 1. тегеретме, 2. чуватма, 3. алды – качты же алды – кетти деген

үч түрү болот); **алды–кетти зоваркан** *жерг.* балдардын ойунун бир түрү; *алды–кетти зоваркан ойногон экендер.*

АЛ II: алы–чач *батк.* ал – ахвал; *алы–чачыңды билбестен, жөөлөшкөндү имне кыласың*!

АЛА I *жжол.* 1. бүркүттүн бир түрү (өзү кичирээк, канатынын ийин жагы ак, кыраан бүркүт); *аланын тоо эчкиге кол салганын көрдүм*; 2. *түнд.* 1) адамдын териси ак ала болуп ооруй турган оорунун аты; *колу ала болуп кетиптир*; 2) кой – эчкинин оорусунун бир түрү; *кой–эчки ала болвосун*; 3. *батк.* анча – мынча акталбай калган шалы; *шалыңдын көбү ала экен; ала тийгир*! кой – эчкини каргап – шилөөдө колдонулуучу сырдык сөз; *ала тийгирдин малы тиги кыранда жүрөт*; **ала–буйла** *пам.* ала – була; *ала–буйла ааламга жетет* (таб. көз); **алашала** *батк.* тытылган, жыртылган нерсе; *ала–шала нерсе алып келипсиң*; **ала шалем** *өзг.* чала – була; *ала шалем кеп менен*; **үч ала** *ыск.* куштун бир түрү; *үч аланын жүнү акчыл сары ала болот* (туйгун, тунжурдан кийинки үчүнчү кыраан куш болуп эсептелет).

АЛА II *чүй.* демитүү, тукуруу, сүрөө маанисиндеги сырдык сөз; *ала аламан тартыш*! – *деп серкени ыргытты* (улак тартканда айтылат. сал. алакүч).

АЛА III: ала–салат *тяньш.* алеки саат; *ала салат тынчы кетет.*

АЛА IV *кочк.* дөңсөө жерге суу чыгаруу үчүн казылган арык; *адырга ала тартып өтүштү*; **ала тер** ала жерди сугаруу; *кулак байлап, ала терет.*

АЛААГАН *пам.* алаанак.

АЛААН: **алаан жүрүш** *жерг.* жай, кыймыл; *саар келер лөк–лөк, кеч келер лөк–лөк, алаан жүрүш, тамагы тырыш* (таб. бака).

АЛБАГАЙ *чүй.* дордок ооз, эрин; *алабагай эрин киши артынан кете берет.*

АЛАБАЛТА *батк.* ала бата; *алабалта йәм, шоро йәм дейвиз.*

АЛАБАЧ *тяньш.* кийиз, шырдакка ала жүндөн салынган оюу, көчөт; *алачыкта отуруп алабач салган кыз элең.*

АЛАБОТО *чүй. к.* алабалта; алабото көп экен аралашып кетиптир.

АЛАБУГА, АЛАБУКА *ыск.* балыктын бир түрү; *көлдө алабуга көп эле* (алабуганын боору ала – була болот да, жоош келет).

АЛАГАЖЫР *батк., лейл.* өрүктүн бир түрү (кабыгы калың, өңү сары, жыттуу жана даамдуу майдараак өрүк); *базарга алагажыр өрүктү сат.*

АЛАГАМЕК *жжол.* жандыктын аты; *алагамек–коңуз сымал жандык.*

АЛАГАНЫЧ *тал.* алаанак; *алдуw болгуча алаганыч бол, күчтуw болгуча күлөнөнүч бол* (мак.).

АЛАГАР *чүй.* алагай; *Эсенбек, бул бала алагар го.*

АЛАГАЧ *батк.* алаанак; *ач болгучаң алагач бол, күч болгучаң күлөгөч бол* (мак.).

АЛАГЖЫ *батк.* алагды; *мени алагжы кылва, шашылып турам.*

АЛАГОWДАҢ *пам.* 1. алакөөдөн; *алагowдаң кишинин ичиде кир бовойт*; 2. *жерг.* көңүлчөөк; *алагowдансың, энди мунумду әйтип берейин.*

АЛАГОДАН *жерг.* ала шалбырт; *алагодаң вакта журва.*

АЛАГОЗАҢ *жерг.* эгин – тегин жыйылып бүткөн мезгил; *алагозаң маалда эшикте калвасын* (бул мезгилде суурлар ийинге кирип, бөрүлөр чөлдөп келет).

АЛАГҮРӨК *суз.* күл чыгаргыч калак; *алагүрөк* (алоо күрөк) *менен бир кой.*

АЛАГҮҮ *түнд.* илбээсиндин бир түрү; *алагүү, бактек бар.*

АЛАДААКЫ *лейл.* илгерки ават уруусунун бир тобу (булар Лейлектин Катран деген жеринде жашап келишкен); *бир аладаакы эркелеп сүйлөп калат* (к. адалакы).

АЛАДӨҢ *жжол., тал.* айран кошулган сорпо; *аладөң жасап берчи.*

АЛАДУУ *батк.* 1. уу – дууну каалабаган адам; *аладуу бала кишини сүйвөйт*; 2. уу – дууда күчөп көтөрүлүп кете турган мал, адам; 3. ээликме; *аладуу баланы адам кылган.*

АЛАДУН *түнд.* быша элек дүмбүл дан; *жүгөрү аладүң болуптур.*

АЛАЙ I *пам.* андай; *алай деве, бизде да баатыр бар.*

АЛАЙ II *өзг.* кең пейил, ичи кең адам; *ол алай жигит экен;* **алай болсун!** *батк.* жол болсун! *алай болсун, издеп келипсиң.*

АЛАЙ III *батк.* жемиш мөмөсүнүн ала бөйрөк болушу; *өрүктөр энди алайган вакты эде.*

АЛАЙЛА *ал. к.* лэклэк; *эртең менен кетет алайла, түрдүw – түрдүw живекти түрүп чачат алайла* (таб. кой).

АЛАЙТӨШ *тал.* жантайма, боор; *алайтөштүн ары жагындагы котур жийдеге барды.*

АЛАЙЧЫ *жерг., ал.* алайлык; *алайчылар келатат.*

АЛАЙЫ I *батк.* чөбү көп, малга ылайыктуу жер; *Ормузан – алайы жәйлөw.*

АЛАЙЫ II *батк.* 1. жөөлүмө; 2. дөөрүмө; 3. кыялданып сүйлөй берген адам; *уулу алайы болуп калыптыр.*

АЛАК, АЛЕК I *түшт.* пахта жибинен токулган чаар ала кустардык товар; *«мышык өзүн шер ойлойт» деди алак кийген киши.*

АЛАК II *ичк.* 1. алакай, тостогой көз; көзү алак киши; 2. тейит. уруусунун бир тобу; *алак тобу да тейитке кирет*; 3. *өтм.* жаман арам (сырдык сөз маанисинде, көбүнчө балдарга карата айтылат); *о, алак, арпанын ташын терейин, арманым айтып берейин.*

АЛАКА *жерг., жжол.* байланыш, катыш; *алакавыз тәжиктер менен көвүрәәк*; **алака – береке** *жерг.* алыш – бериш; *о киши менен алака – берекем жакшы.*

АЛАКАЙ: **алакай – салакай** *өзг.* чүкө ойнунда айтылуучу сырдык сөз; *алакай – салакай, жыдый гөр*!

АЛАКАЙЛА: **алакайла – салакайла** *өзг.* «алакай – салакай» деген сөздү кайталап айтуу; *алакайлап – салакайлап ашык атты.*

АЛАКАЛА *чүй.* алакандап бир нерсени жуу; *ошону алкалап койуш кыйынбы?*

АЛАКАЛАШ *өзг.* мамилелеш; *алакалаш болсоң алып кел.*

АЛАКАМЕК *суз.* коондун бир түрү (түсү ала, бышып жетиле элек коон); *торгойдой болгон алакамегиңди ыргытып жиберчи.*

АЛАКАН *ыск., кулж.* салмоордун таш салуучу жери; *алаканына чоң таш сыйбайт.*

АЛАКАНДА *кашк.* кол чабуу; *сүйлөгөндө көп киши алакандап жиберди.*

АЛАКАҢДОО *кашк.* кол чабуу; *көп жолу алакандоо болду.*

АЛАКСЫ *өзг., лейл.* алагды; *адамды алаксы кылвачы* (бул сөз Ысык – Көл, Чүй тарапта этиш маанисинде).

АЛАКТЫ *суз.* алагды; *кичине алакты болдум.*

АЛАКҮЧ: **алакүч – алакүч** *түшт.* итти тукуруу (сырдык сөз); *алакүч – алакүч деп атыры* (сал. ала **II**).

АЛАКЧЫЛА *ыск.* 1. жакшы – жаман деп иргөө; *аштан*

алакчылагыча, аттан жөө кой (мак.); 2. *жжол.* обочолот; *башка жууркандардан алакчылап четке илчү.*

АЛАКЧЫН *жжол., тал.* уруунун аты (бул уруу тувай, бала саруу, кырк уул болуп бөлүнгөн); *бир алакчын иштеп атыры.*

АЛАЛ *өзг., чүй.* адал; *ашың алал болсо көчөдө ич* (мак.); **тепме алал** *батк.* илгери жергиликтүү адамдар мал өзүнчө өлүмжан болуп калганда аны тээп, кыймылдаса, союп жей берген жөрөлгө (азыр мындай жөрөлгө жок); *тепме алал деп жей берген.*

АЛАЛАЙ: **алалай үпүп** *лейл.* сасык үпүп; *төвөнүн үстүндө алалай үпүп отурат.*

АЛАЛАЙЫН *ал.* айланайын; *оо, алалайын, кел бери, кел.*

АЛАМА: **алама-жулама** *тал.* боору топчуланбай этек-жеңи делдектөө; *алама-жулама шинелин чечип кирди.*

АЛАМАН *тяньш.* 1. бөлүк, уу-дуу; калкына аламан салган; 2. *суз.* топ, жыйын; *аламанды күйгүзүп какшаткандан болбогун*; 3. *жжол.* баш-аягы жок иш кылгандык; *аламан жүргөн жаш карып*; **аламат-баламат** *чүй.* алаамат; *аламаттан-баламат, ичи кызыл кыйамат* (таб. меш).

АЛАМАЧ *батк.* 1. ала-була; *аламач эчки*; 2. *пам., жерг.* ак-кара түс аралаштырылып оюлган оюу, көчөт, сайма; *аламачты кай бир жерде «ак ийрек, пычак учу» деп эм эйтэттэр.*

АЛАМДАР *жерг.* чычалангандык, ызалангандык; *күрөштөн жыгылып аламдар болду.*

АЛАМДУ *пам.* алхамдү; *барат зуw-зуw, келет зуw-зуw, аламдүсүн окуйт, галвырыны токуйт* (таб. аары).

АЛАМЫ *зам.* белгилүү, даңазалуу; *аламы паша, бийлерге десетин үзүп төлөдү.*

АЛАМЫЧ *тал. к.* аламач 2; *аламычың жоон болуп калыптыр.*

АЛАМЫШ *пам. к.* аламач 2.

АЛАҢ I *пам.* көзгө көрүнүп-көрүнбөй жок болуу; *ат шунчалык күлүк экен, көзгө бир алаң болду.*

АЛАҢ II *пам.* 1. илең-салаң; *кәсәли катуw, алаң болуп жүрөт*; 2. *зам.* илкип баскан адам; *алаң-алаң айак, жете алваймын жалаңайак* (таб. көлөкө).

АЛАҢ III: **боз алаң** *зам.* бир жери көк жашыл, бир жери куураган өндөнгөн боз жери; *боз алаңга жүк таштады.*

АЛАҢГЕР *кашк.* кыйратылган, бүлүнгөн нерсе; *айланайын, ардагым, алаңгер болду дүнүйөң.*

АЛАҢГИР *кочк.* алаксуу, алек болуу; *бир кой кемип алаңгир болуп жатам.*

АЛАҢГЫР *чүй.* чала сүйлөп, чала иштеген шашма киши; *алаңгыр киши экен.*

АЛАҢКЫ *түнд.* арык мал; *алаңкы жылкы, алаңкы уй азыр жок.*

АЛАП I *ыск., тяньш.* суу менен ымдалып, бир аз туз, саман-топон же чөптүн бүрү аралаштырылып малга берилүүчү улпак; *койлорго алап бердим.*

АЛАП II *ош.* жалын; *өрттүн алавундай мала кызыл* (бул сөз түндүк райондордо «алоо», Жерге-Талда «алоw» болуп айтылат).

АЛАПА *пам.* илгерки уруунун аты («алапа» деген сөз кээ бир түрк тилинде «жээрде», «алачык» деген мааниде колдонулат); *алапа кайдан келген деп таң калат.*

АЛАПАЙ *өзг.* 1. чочуганда айтыла турган сөз; *алапайдын баласы! кокуй күндүн баласы!*; 2. *түнд.* айласы куруп

калгандык; *алапайын таба албай алактады.*

АЛАПАР *жерг.* 1. короочу ит; *алапар итиң каваган*; 2. *лейл., батк.* ала – була түс; *алапар көйнөк кийиптир*; 3. *жерг.* кекиликтин балапанынын жүнү түлөп, жаңы чыккан учуру; *биздин кекилигивиз алапар болду.*

АЛАПТА *кочк.* 1. апкаарып алактоо; *көз алдына келтирип алаптайт*; 2. дене ысып чабалактоо; *алаптап, дени ысып, абдан кыйналды.*

АЛАР *жерг.* арал; *аларды аңдып отурат*; **алар мазар** *жерг.* арал мазар; *алар мазар деген жер бар* (илгери диндик ишеним боюнча ооруган малдарды ушул мазарга айдап келип, аны үч жолу тегеретип, эм кылышкан экен. Бул мазарда өткөн бир мезгилдерде кыргын болуп, кан төгүлгөн имиш).

АЛАСА *өзг.* ак сымал, агыш, бозомук; *чайыңар аласа болуп калды го.*

АЛАТ *түнд.* 1. наалат; *алат айтып отуруп калган*; 2. кейүү – кепчүү сезимин туюндуруучу сырдык сөз; *алат, алаткүн, кайдасың?!*; **кокуй алат** катуу чочуп, сестенүүнү туюндуруучу сырдык сөз; *кокуй алат, эмне?*

АЛАТАКАР *батк. к.* әндәтакар; *Калык, базардын алатакарын бер.*

АЛАТЫ I *жерг.* жалпы; *алаты кыргыз ичинде.*

АЛАТЫ II *батк.* ала – була, ала – телек; *алаты болгон эки күчүк чыгат*; **алаты кеткен жер** *батк.* күчү жок, эгин жакшы чыкпаган жер; *алаты кеткен жерден көчүп кетет.*

АЛАХИДӘ *жерг.* бөлөк, айрым; алахидә сүйлөшөвүз (сал. таж. алохида).

АЛАЧА I *тал.* чакан, орто бой; *алача киши экен.*

АЛАЧА II *суз.* 1. коондун бир түрү (түсү ала, өтө чоң эмес, кабыгы калың коон. Кээде бул коон «ак алча коон» деп аталат); 2. *өзг.* ала моюн; *мойну алача каз*; 3. *зам.* таардын бир түрү; *алачаны биз пахтадан ийрип токуйвуз*; **ак алача** *өзг.* эрте быша турган коондун бир түрү; *мейманга ак алачадан алып кел*; **гажары алача** *батк.* ар кыл түр салынып токулган таардын түрү; *гажары алачаны жогоруга сал*; **какма алача** түр салынбай жөн эле токулган таар (бул таар жерге салынат, же кап жасалат); *Канымжан, какма алачаны жөн кой*; **терме алача** түр салынып жасалган таар (бул терме алачага «ит таман, ит куйрук, чөмүч сап» деген түрлөр салынат. Мунун кырк беш жиптик түрү «кырк мойнок»; он үч жиптик түрү «кош кайкалак» же «тул көчөт» деп аталат); *бол, терме алачаны как*; **алача терек** *к.* терек.

АЛАЧАЛУW *ноок.* челдүү; *бу дүйнөдө не карып, алачалуw көз карып.*

АЛАЧЫК: **сайма алачык** *жерг.* чөп алачык; *чөп жапса сайма алачык болот.*

АЛАША *пам.* суйкагай; *алаша бойуң камчыдай.*

АЛАШЕМ *ыск.* чала кургаган чөп, кийим, эгин; *буудай алашем бойдон эле экен.*

АЛАШЕН *өзг.* калп, жалган; *койчу, алашен, айткан неме экен.*

АЛБААЛЫ *жжол.* жемиш өсүмдүгүнүн бир түрү; *айылда албаалы кыпкызыл болуп бышты* (кээ бир учурда «гилас» делет).

АЛБААР *чүй.* кудурет, шайман; *албаары жок мушташып алгансыган жаман күйөө.*

АЛАБАЙЫ *кайшк.* саруулагандык; *көргөнүңдү айт деп албайы болду.*

АЛБАРС *чүй.* өсүмдүктүн аты; *албарс аңды ууландырып өлтүрөт.*

АЛБАРСКЫ *ноок.* өсүмдүктүн аты (кээде ал «азыткы» деп да аталат).

АЛБАСТЫ *батк., лейл.* албарсты; *укта, албасты келе жатат.*

АЛБЕСТЕ *зам. к.* абдесте; *абестеге чай кайнат.*

АЛБӨWЛҮ *алб. к.* албаалы.

АЛБУРЛУУ *чүй.* өндүү – түстүү; *ак саргыл албурлуу шайыр айал.*

АЛБЫН *түнд.* 1. оорунун аты; 2. дарым (албын айтуу менен ар кыл ооруга дем салынган); *илгери бир албын айткан киши болуптур*; 3. *чүй, өтм.* жыш, мол; *албын болгонго булар.*

АЛБЫНТАЙ *түнд.* албын дарымын айтууда колдонула турган эвфемизм; *сөз*; *албын – албын албынтай.*

АЛБЫР: **албыр – салбыр** *тал.* албырап – салбырап көрүнгөн нерсе; *алыстан албыр – салбыр, жанына келип карасаң бурама темир.*

АЛВА *суз.* 1. жемиш өсүмдүгүнүн бир түрү; *өкөө алтымыш алваны жеп кирди*; **канаат кылсаң кам короодон алва пышар** ◊ *батк.* саргара жортсоң, кызара бөртөсүң; 2. *жерг.* халва (сал. таж. халво).

АЛВАЙЫ *түнд.* ак саргыл; *алвайы болгон жылгыз баласы бар экен.*

АЛВАНСАРЫ *лейл.* кулаалынын бир түрү; *улар, турумтай, куш, алвансары деген бар.*

АЛВАР: алвар шәкек *жерг.* шакектин бир түрү; *алвар шәкек кошойун.*

АЛВАРДЫ *батк.* баш – аягын карабагандык; *алварды жүгүрөт.*

АЛВАС *жерг.* албарс; *алвас гылыч кынындай.*

АЛВАТАР *жерг.* койдун майы аралаштырылып жасалган тамак.

АЛВЫН *батк.* учкул, күлүк; *алвын тай болот.*

АЛГАЙ *чүй.* кызуу учур; *оова, жай мезгилинин аптаптуу күнүнүн алгай түш учуру эле го.*

АЛГАЧ I *түнд. к.* эңке авал; *алгач айт, анан көрөлү.*

АЛГАЧ II *пам.* ала баруу, ала келүү; *мүлкүн алгач барып, алгач кел.*

АЛГО: **алго – долго** *батк.* алмак – салмак; *алго – долго кылавыз.*

АЛГОW *баткч.* 1. айыл – айыл болуп, сүт чогултуп, каймак тартып алуу жөрөлгөсү (кээде ал «арчы» деп да аталат); *алгоw деп бир айылга жиберди;* 2. алгоо; *алгоw кылып иштешкен.*

АЛГОРОТ, ӘЛГИРӘ *түшт.* кайнолунун бир түрү; *пулун алгорот ал деп берди.*

АЛГЫ I *пам., чатк., түшт., тал.* тоого чыга турган өсүмдүктүн аты; *алгы адегенде кичинекей болуп чыгат* (бул өсүмдүктүн тоголок мөмөсү, кыскараак келген тамыры болот. Түбүн казып алып, жууп тазалап, жанчып, суюга салат. Анан тундуруп, ачуусу кеткенде суусун төгүп салып, калдыгын күнгө кургатат. Кургагандан кийин кайра жанчып, же жаргылчакка тартып, анан жейт. Унун жалаң сүткө ботко, атала жасайт. Тил ооруга да пайдаланылат).

АЛГЫ II *батк.* алиги; *алгылардын курсагы ач экен.*

АЛГЫ III *зам.* 1. байге; *алгыга гана беришет*; 2. *чүй.* депкир; *алгы менен сузуп ал.*

АЛГЫЙ, АЛГУЙ *зам., ноок. к.* алгы.

АЛГЫЙРАТ *өзг. к.* алгорот; *алма, алча, өрүк, алгыйрат бар.*

АЛГЫЛЫК *зам.* жаракту; *алгылыктар әрмийәгә кетип каган.*

АЛГЫН *жерг.* алгыр, кыраан; *жолдо бир алгын итти жетелеп жүрөт.*

АЛГЫЧ *жерг.* өткүр, кыраан; *ылаачын алгыч мен болдум.*

АЛГЫЧЫ *батк.* түшүнгүч, баамчыл; *ажыратып алгычы адам.*

АЛДА I *түнд.* 1. кейип, жаны

ачып, аео сезимин билдирүүчү сырдык сөз; *алда, тынчы жок курган бала аййе*!; 2. жактырбоо маанисинде айтылат; *алда, арман күн, сага эмне жок*!; 3. өкүнүү маанисин да берет; *о, алда, аны бир билсемчи*!; 4. суктануу мааниси берет; *алда, Ысык–Көлүм, чалкайасың да жатасың*; **алда жарыктык ай** кейүү, таңыркоо маанисин берет; *алда жарыктык ай, үйдө эле отурса боло.*

АЛДА II *чүй.* алдыда; *чурка, бачым, алда кел.*

АЛДА III: **алда түрпө** *батк.* 1. кубулуп туруу; *алда түрпө көрүнөт*; 2. *өтм.* куйту; *ону алда түрпө кылгандыктан урат.*

АЛДА IV: **алда нече** *түнд.* бир канча; *алда нече күн болду, алда нече түн болду*; *сенде жазык жок, менде азык жок*; *курсак жоо мага да кылды, сага да кылды* (мал сойгондо бата кылып жатып айтыла турган сөз).

АЛДА V: **ажал алда** *түнд.* бала жаңы төрөлгөндө аны ажал билип койбосун деп үйдүн эшик–тешиктерин бүтөп, этек алдынан баланы төрөтүп, ороп–чургап эч кимге көргөзбөй буруу ат коюу жөрөлгөсү; *ажал алдамак үчүн буруу ат койот* (мисалы: Чалакыз, Кызала, Үчкемпир, Бешкемпир, Итибай, Иткара, Күчүк, Музооке, Алмакүчүк, Алакүчүк, Каракүчүк, Бөлтүрүк, Бөрү, Бөрүбай ж.б.).

АЛДАВА *суз. к.* андава; *алдава менен тегиздеп онон актайвыз.*

АЛДАР *кашк.* адамчы; *о, алдар, көргөнүндү айт деген*; **алдар көсөө** *түнд.* элдик оозеки чыгармада ар кимди тез алдаган бирөөгө алдатпаган кишинин образы (сал. монг. алдар «даңк, даңаза»).

АЛДАСТАН: **алдастан чымчык** *суз.* канаттуунун бир түрү; *алдастан чымчык учуп келди.*

АЛДАШ 1. *өзг., жерг.* курбу, теңтуш, жоро; *ии, алдаш, илгери кыйналганым эсиндеби?*; 2. *пам., жерг.* сырдаш; *алдашым, жүр, сыр чечишели.*

АЛДЕШ *батк. к.* алдаш ; *айлансам энем алдешим.*

АЛДЕСТЕ *пам. к.* абдесте; *алдесте сатып совда кыл дейт.*

АЛДОО *кочк.* ат чабууга уруксат берген сөз; *алдоодон мурда атка минет.*

АЛДУW *пам.* алдуу, күчтүү; *алдуw экенсиң, көврэгэ суw куйуп кайнат*; **алдуwдун арманы** *пам. бир уядан балапан да чыгат, сасыткы да чыгат деген маанидеги сөз.*

АЛДЫВАР *иск.* жүдөп–какап чабал болгон мал–жан, буюм; *алдывары чыгып кеткен буйум экен.*

АЛДЫГУЛДУ *зам.* араң жан; *алдыгулду жүргөн адам.*

АЛДЫМЫШ *тал.* алтымыш; *бу кесекте алдымыш үйгө толвой калды.*

АЛДЫН, АЛДЫҢ *ичк.* 1. алдыга; *алдын киргиз*; 2. алдыда; *менин саатым алдын жүрөт*; 3. *базк.* эң мурун; *алдын чигитти суwга салат*; **алдын каткан** *жерг.* байкуш, шордуу; *алдын каткан көр Муса*; **алдын–кийин** *пам.* 1. илгери–кийин; *алдын–кийин эки атым чуркайт* (таб. бут).

АЛДЫНДА *пам.* илгерилөө, алга умтулуу; *үйгө карай алдында*; *жерг.* алдыга чык; *жүгүргүн да, оннон алдында.*

АЛДЫР I *ичк.* 1. өң, бет, маңдай жак; *кишини алдыр жагыдан өтүп кара*; 2. кийимдин өңүр жагы; *алдыр жагы жыртылыптыр*; 3. колдун ички бети; *колдун алдыр жак бети*; 4. асты жак; *севетти алдыр жагына кармап ал*; 5. алдыңкы кол (айбандыкы); *алдыр колун карма*; 6. кандайдыр бир нерсенин жерге салынуучу бети; *алдыр жагы тааргa окшош.*

АЛДЫР II *пам.* койго козуну телитүү; *койго козу алдырып жакшы болду.*

АЛДЫРА *пам.* буйдалып шашуу; *жакшы адам иш дегенде алдырайт, жаман адам аш дегенде алдырайт* (мак.).

АЛДЫРАТ *пам.* эстен оодарып, буйдалтып шаштыруу; *алай-дүлөй күн жаап алдыратты.*

АЛДЫРАТМАК *пам.* шаштырмак; *ол көлдүн бойуга түнөвө деп алдыратмак экен.*

АЛДЫРАШ I *пам.* шашуу; *сен нимнеге алдырашасың.*

АЛДЫРАШ II *пам.* 1. тез, бачым, ылдам, ыкчам; *алдыраш барып, алдыраш кел*; 2. шашкалаң; *Тагай алдыраш.*

АЛДЫРМАН I *батк.* балдардын ойнунун бир түрү; *алдырман ойноп эсинен көтөрүлүп кетет*; **алдырман-жылдырман** *тал.* кара коюн дүмпүлдөк ойну; *алдырман-жылдырман ойноп жатат, кантип кетсин.*

АЛДЫРМАН II *кашк.* айбан; *бир нерсе билбеген алдырман.*

АЛДЫТАН *өзг.* алдыртан; *алдытан сени караймын.*

АЛЖАҢ: **алжаң-булжаң** *батк.* коркуп эки жагын карануу; *нимнеге алжаң-булжаң карайсың?*

АЛЖАҢКЕ *жжол.* алжаке; *алжаңке карап алып күлүп жатыры.*

АЛЖЫРЫШ *өзг.* адашуу; *тузакка алжырыш түштү.*

АЛЕВЕТ: **үзүр-алевет** *жжол.* сөөлөт, урмат; *көрсөтчү, үзүр-алеветиңди.*

АЛЕГЕ *түшт.* алиги; *алеге мылтыкты алып бер.*

АЛЕЙ *чүй.* апей, опей; *алей, келвесең келве* (бул сөз чочуп кетүүнү туюндуруучу сырдык сөз).

АЛЕЙМАН *түшт.* түп – орду; *мен деген алеймандан ыраазымын.*

АЛЕЙНЕ I *пам., жерг.* обон, үн; *алейне кошуп ырдайын.*

АЛЕЙНЕ II *ош.* 1. обочо, четки; *алейне үйдө жашайт*; 2. бош, ээн; *өзүнүн карамагында алейне машинасы жок экен.*

АЛЕК I *к.* алак **I**.

АЛЕК II *жерг.* чикит ойнунда биринчи топтун башчысы «алмелек салек» дегенде жооп бериле турган сөз; *алек деген сөзүңдү айт.*

АЛЕК III *жерг.* чапкынын туткасы; *«жәмәнгә әйткән эсиз гәп»* (мак.) *деп алекти оңдоду.*

АЛЕКЕ *алб.* сагызган; *алеке атканы кеткен.*

АЛЕМЗАМАТ *тал.* алаки саат, бат; *алемзамат атып өлтүрөт.*

АЛЕҢГИР *чүй.* азап, тозок; *алкынып алеңгирди салды.*

АЛЕСАЛЕ *түшт.* бир заматта, абдан тез; *алесаледе селдейе калды.*

АЛЕП: **алеп-желеп** *ыск.* алып – учуп, бир жерге көңүлү токтобой жээликкендик; *алеп-желеп болуп эле көңүлүм алып учуп туруп алды.*

АЛЕТ *пам., тяньш.* өң – түс, кебете – кешпир; *кечке ойноп алети жок* (түндүк говорлордо бул сөз «өң – алат, өң – алет» болуп кош сөздүн тутумунда гана жолугат).

АЛЕТТЕ *атб.* эч тамтыгы жок кийим; *алетте жок кийим экен, токочтон башканын баарын жамаптыр.*

АЛЕШЕК *өзг.* жарым жан, жүүнү бош; *Меңдивай алешек адам, жарым өмүрүнөн ажыраган.*

АЛИ I *жжол.* бирде; *али кырга чуркайт, али сайга чуркайт.*

АЛИ II: **али кеч** *түшт.* келерки түн, кеч; *али кеч жөнөп кетем.*

АЛИЙ: **али-палий** *тторо.* тиги – бу; *али-палий дедик.*

АЛИЗАМАН *жерг.* бир паста, бир заматта, тез эле; *ализаман койвос эдем.*

АЛИЙ *тяньш.* апий, аний; *алий бетим*! (бул сөз тануу, макул болбоону туюндуруучу сырдык сөз).

АЛИЙЛАТ *түшт.* жемиш өсүмдүгүнүн бир түрү (алчага окшош болот да, өңү кызыл келет); *жүрү, алийлат терип келелик.*

АЛИК *жерг.* күрөштө бут чалуунун бир түрү; *бутуга алик сал*; **алик салмай** чалып күрөшүүнүн бир түрү; *алик салмай кылса койвойт.*

АЛИМЕРГЕН *жерг.* канаттуунун аты; *алимерген айдowчу.*

АЛЙАР: **алйар шаптоолу** *к.* шаптоолу.

АЛКА I *лейл.* 1. өлүк өлгөндө эркектер тарабынан секирип, кошуп өкүрүү салты (бул салт Баткен, Лейлектеги кээ бир жерде жолугат); *энди алка деген – өлүк өлгөндө ырдап секирип туруу адаты*; 2. кошок; *энди шол айылда алка ойношоттор*; 3. *ноок.* топ, жыйын; *тойдо алка–алка эл болду*; 4. *жерг.* там үйдүн ички төр жагынан жасалган секичекке үч катар болуп, бөлүнүп – бөлүнүп жыйылган жүк; *алка жүктүн алдында.*

АЛКА II *лейл., түшт.* 1. бир катар гана тагылган мончок; *биттэ мончок такса алка дейт*; 2. сөйкөнүн бир түрү; 3. көкүрөккө тагылуучу брошка сымал кооздук; *алканы көкүрөк/к/ө да тагат*; 4. *ыск.* кийимдин (көйнөк, ич көйнөк, гимнастерка ж.б.) кекиртек тушу; *көйнөктүн алкасы чечилип кетиптир.*

АЛКАК I *суз.* аркак; *адыргы менен эришке алкак өткөрөт.*

АЛКАК II *ыск., тяньш.* 1. элек, калбырдын жыгачтан жасалган жээги; *электин алкагын кагып отура бересиңби?*; 2. чамдоо; 3. көз айнектин тегерек шакекчеси; *көз айнектин алкагы кана?*; 4. *пам.* кемер курга чөгөрүлгөн жез, күмүш кооздук; *жез алкак кэмэр;* 5. *пам.* урай турган өндөнүп калган жар, муз; *жардын урай турганын алкак дейвиз.*

АЛКАП I *жерг.* алкоо, алкыш; *балам, аксакалдын алкавыны ал.*

АЛКАП II *жерг.* тажоо; *мени көп алкап кылвагын.*

АЛКАП III *батк.* тике зоокалуу тоо боорундагы саландабыраак турган капкак таш; *алкап кэмэрдэн кичинэ болот.*

АЛКООР *чүй.* кара өрүктүн бир түрү; *алкоордун мөмөсү чоң болот* (Ысык – Көлдө «кара өрүк», Лейлекте «алкорот» айрым бир жерде «кайналы» деп да айтылат).

АЛКОРОТ *ал., лейл., батк.* 1 өсүмдүктүн аты (өңү көпкөк, жалбырагы тегерек, топ – топ баш алат, гүлү бар дары чөп); *кымыздык, ышкын, чүкүрү, алкорот бар* (бийик тоого, кыйырларга чыгат); 2. *лейл. к.* алкоор.

АЛКОРУ *зам. к.* алкоор.

АЛКУЛУМ *түшт.* «кудай» сүйгөн пенде; *кудай алкулум десе әжәп эмес.*

АЛКУРАН *түшт.* өсүмдүктүн аты (бул өсүмдүктүн жалбырагы чай катары кайнатылып ичилет); *алкурандын суусун бир ууртаганда эс алат.*

АЛКЫ *пам., кочк.* алка жака; *алкыдан алып кирди.*

АЛКЫЛУW *жерг.* алкы бузук, жырткыч; *алкылуwдан түлкү алган.*

АЛКЫНТ *кашк.* тебелет, тепсет; *сүт үстүндө каймагым десе эле алкынтпа.*

АЛЛА I *жерг.* алда (кудай); *аллайым тагдыр буйурса.*

АЛЛА II *батк.* алдей; *алла–алла деп алдап койсоң бовойву.*

АЛЛАКИМ *түшт. к.* лелейким; *саар кетет аллаким, кечинде келет аллаким, түрдүү түмөн нерсени түйүп келет аллаким* (таб. кой).

АЛЛЕС *жжол.* атлес; *аллес көйнөк жарашат.*

АЛМА I: *азуу алма к.* азуу; **ачык алма** *жерг.* 1. даамы ачуу, кычкыл, жапайы алма; 2. кыштактын аты; *ачык алма, бербе, деди;* **бак алма** *лейл.* алманын бир түрү; *ак алма, кызыл алма, күзгү алма, бак алма*; **балхы алма** *жерг.* пышкан алма экен (бул алманын аты «Балхы» деген жердин наамына байланыштуу келип чыккан); **би алма, бий алма** *к. бий;* **бүркүт алма** *лейл.* өңү ак, өзү ачуу да эмес, таттуу да эмес алманын түрү; *бүркүт алма өтө түшүмдүү болот*; **жәйдәри алма** *батк.* түсү сары, көлөмү кичине жергиликтүү алма; **жүрөк алма** жүрөк түспөлүндө мөмө байлаган алманын бир сорту; *жүрөк алма өзү ачык болот;* **зайимке алма** *чүй.* илгери орус элинин өкүлдөрү ээлеген жерге өзүнчө эгилген алма багы; *зайимке алма деп аташчу, анысы эмне экенин билбедим*; **ит алма** *суз.* мөмөсү өтө майда, даамы ачуу алманын бир түрү; *ит алманы ичким деле жевейт;* **какырым алма** *өзг.* жыгачы тикенектүү, бою жапыз келген, майда бутактуу, гүлү ак, даамы кермек, катуурааак алманын бир түрү; *какырым алма катык келет;* **кәмпир алма** *жерг.* өңү ак, даамы таттуу, мөмөсү жумшак алманын бир сорту; *кәмпир алма бий алма болот;* **кенже алма** *суз.* алманын бир түрү (мөмөсү чоң, өзү кызыл, сулпу эттүү, даамдуу, кабыгы жука алма. Жылына эки жолу түшүм берет); **котур алма** 1. мөмөсү майда, чаар ала келген жапайы алма; 2. *өтм.* кичинекей чабал киши; 3. *жумг.* котурепей (чымчыктын бир түрү); *бизде котур алма деген чымчык бар;* **күзгү алма** *лейл.* алманын бир түрү; *күзгү алма шабдоолу, кызыл чилги шабдоолу бар;* **кымызек алма** *батк.* бир жак бети кызыл, бир жагы агыш, даамы бир аз ачуураак келген алма; *кымызек алма аз калыптыр;* **май алма** *жерг.* оозго салганда тез жибип кете турган жумшак алманын сорту; *май алмадан жеп көрүң;* **мурут алма** *түшт.* алмурутка окшош, даамы таттуу алманын бир сорту, *базардан мурут алма алып келдим;* **орус алма** *батк.* алманын бир түрү; *орус алма, ак алма, ак өрүк бар (*алманын жаңы тараган сорту*);* **пайаант алма** *жерг.* кыйыштыруу жолу менен пайда болгон алманын бир түрү; *пайаант алманы сугардык*; **пахта алма** *жерг.* мөмөсү жумшак алманын сорту; *пахта алмадан үзүп кел;* **сопок алма** *өзг.* алманын сүйрү, агыш түстөгү катуу сорту (бул алма бир жылга дейре сакталат*); сопок алмадан жегиле, былтыркы эле;* **сүт алма** сүт даамданган жапайы алма; *сүт алма деген бар* (өңү ак, даамы татуу); **такыр алма** *суз.* алманын бир түрү; **тирәмәйи алма** *жерг.* күздүк алма; *тирәмәйи алманы кеч күздө жыйнап алышат;* **тегерек алма** *жерг.* кооз, тегерек мөмө ала турган алманын сорту; *тегерек алма өсөт;* **tow алма** тоодо жапайы өскөн алма; *tow алма – алманын бир түрү;* ун алма картошка алма; *ун алма мәйин болот;* **хужан алма** *лейл.*өңү кызыл, ширин алманын бир бир түрү; *хужан алмавыз дурус болводу;* **фурунзе алма** *лейл.* алманын жаңы сорту, түрү; **чилги алма** *батк.* эрте быша турган майда ак, кызыл тоголок алма; *чилги алма пышыптыр;* **чырыч алма** *өзг.* жыгачы одуракай, тикендүү, мөмөсү даамсыз, жумшак, жыты сасыгыраак келген алманын түрү (жапайы өсөт); **шайы алма** *чүй.* өңү ак кызыл келген, тарам – тарам издерги бар, даамы таттуу алманын сорту; *шайы алманы бир сомдон сатты;* **шафиги алма** *жерг.* мөмөсү чоң – чоң кызгылт келген алманын сорту; *шафиги*

алманы жакшы көрөт; **шәкәринун алма** *лейл.* даамы супсак келген алманын сорту, түрү; *шәкәринун алма ширин болот;* **ыстакан алма** *ош.* сүйрү, өңү кызгылт, даамы таттуу алманын бир түрү; *ыстакан алма көп жайылды;* **эшек алма** *суз.* сүйрү, катуу алманын сорту; *эшек алма деген бар;* **алма баш** *атб.* 1. стволунун ооз жагы шакекче келген мылтык (сегиз сайлуу келет); *алма баш мылтык асынган;* 2. *батк.* килем көчөтүнүн бир түрү; *кантип алма баш салавыз;* **алма бурак** *батк.* 1. чөп өсүмдүгүнүн бир түрү (суунун жээгине булактын көзүнүн айланасына жалбырагы жайылып чыгат. Жыты алма сымал болот); *алма бурак чөвү бар;* 2. *к.* бурак 1; **алма гүл** *батк., лейл к.* кеште; *сени менен алма гүл токусам дейм;* **алма көчөт** *ичк.* алма жыгачынын элесин берген көчөт; *алма көчөт онову болот;* **алма курак** к. курак; *алма курак жастык к.* жастык; **алма өрүк** *батк.* чоң, алма сымал мөмө байлай турган өрүктүн сорту; *алма өрүк деген бар;* **алма талкан** *к.* талкан; **алманын көтү** *лейл.* алманын түп жагы; *алманын көтүн көвләдим;* **алма тер** *өзг.* чакмак таш ойнундагы өйдө ыргыткан ташты бирден оң колго жыйноо фазасы; *айкал, алма тер, колго басар дейбиз (*жогорку сөздөр чакмак таш ойнунун фаза аттары болуп эсептелет); **алма түймө** *өзг.* эки ороп түйүлгөн түйүн; *аттын куйругун алма түймө кыл.*

АЛМА II: **баш алма** *зам.* бир түрмөк жип; *бир баш алма болду.*

АЛМА III: **алма–телме** *чүй, атб.* 1. алмак – салмак; *алма–телме карады;* 2. *пам.* көчөттүн бир түрү; *алма–телме токуду;* 3. *жерг.* кыйма – чийме кылып байлоонун ыгы; *алма–телме кылып байлады;* 4. *батк.* чакмак таш ойнунун бир фазасы (мында таш жерден оң кол менен алынып, өйдө ыргытылат да, сол кол менен тосулуп алынат); **алма–чөлмө** *тяньш.* аябай тер куюлуп суу болуу, тердөө; *бүткөн бойу алма–чөлмө.*

АЛМАЗ: алмаз чөп *пам.* өсүмдүктүн аты (ооруга дары катары пайдаланылат); *алмаз чөп дегениң кайсы?*

АЛМАЗАР *ар.* алмалуу бак, алмалуу жер; алмасы көп; *алмазарды аралап, жүрөвүзбү, ак дилвар?*

АЛМАЙ: **алмай–телмей** *ыск. к.* алма; *алмай–телмей санаа бар.*

АЛМАК *тал.* акушникке туурасынан салынган арык; *алмакта калган киши бар.*

АЛМАКЕЙ *ыск.* кайра – кайра ала берүүчүлүк; *алмакейи да бат, бермекейи да бат;* **алмакей–чалмакей** *ыск.* будуң – чаң, башаяксыз; *ай ушундайсың, алмакей–чалмакей кыласың да жүрөсүң.*

АЛМАЛА I *кочк.* кыса кучактоо; *алмалап өөп, бооруна кысты.*

АЛМАЛА II *кочк.* акмалоо; *экөө улам алмалап жол карайт.*

АЛМАН I *лейл.* 1. алгыр; *карчыга куштун алманы;* 2. *чүй.* укмуш.

АЛМАН II *чүй, тяньш.* 1. жалпы эле салык; 2. *түшт.* жар; *калкына алман салган.*

АЛМАН III *чүй.* чоң, килейген; кызык; *сен да өзүңчө бир алман кишисиң да.*

АЛМАНДАШ *баткч.* катташ, аралаш; *алмандаш болуп жүрчү эдек.*

АЛМАРС: **алмарс от** *зам.* өсүмдүктүн аты; *алмарсты жарага койот* (жергиликтүү эл аны дары катары пайдаланат).

АЛМАТЫ *түшт.* эң, өтө, абдан; *алматы сулуу.*

АЛМАЧ *тяньш. к.* аламач.

АЛМАЧЫ *чүй.* алма багын

кайтарган адам; *о, алмачы, келе менин уулума алма бер.*

АЛМАЧЫК *акт., тторо., түшт.* мөмөсүнүн даамы кычкыл келген жапайы алма өсүмдүгү; *бизде алмачык да өсөт.*

АЛМАШ: **алмаш өркөш** 1. *жжол.* төөнүн өркөчүнүн бири оңго, бири солго жыгылып турганы; *кечээ бир алмаш өркөш төө көрдүм*; 2. *пам., өтм.* алыска турмушка чыккан кыз; *алмаш – өркөш, сүйгөнүнөн айрылса, саналуw болбой койову.*

АЛМЕЛЕК *жерг.* чикит ойнун ойноордо айтыла турган сөз; *алмелек салек дейт башчы.*

АЛМОНЧОК *ыск., тяньш.*, эң тунук, таза мончок; *алмончоктой үч уулунан ажырады.*

АЛМУРУТ *батк.* 1. жемиш өсүмдүгүнүн аты (кээ бир жерде муну «нәк жана ашпурт» менен чаташтырып жүргөндөр бар); *алмурут нәккә окшош* (жергиликтүү эл алмурутту как кылып алышат жана аны тамак ооруга дары катары пайдаланышат); **какырым алмурут** *өзг.* суусу аз, кургак келген алмуруттун түрү (тоголок, кичирээк болот); *какырым алмурут ушулву?*; 2. *жжол., өтм.* чертмектин формасынын, үлгүсүнүн бир түрү; *чертмектин бака жалвырак, алмурут деген үлгүсү бар.*

АЛМУСАК *түшт.* эчаккы, илгерки, байыркы, атам замандагы; *алмусактан бери тигиши сөгүлбөйт.*

АЛОW *жерг., өзг.* 1. жалын, аптап; *ардагым сени дегенде алоwом чыгат өзүмдөн* (сал. таж. алов. алав «жалын. чок»); 2. от; *мен бүтүн алоw жактым.*

АЛОWКҮРӨК *батк., пам.* күл чыгаруучу кичине саптуу жыгач күрөкчө; *алоwкүрөк менен күл чыгар.*

АЛОWХАНА *жерг.* тамак – аш бышырыла турган үй; *ол айалдар алоwханада отурат.*

АЛӨӨ *түнд.* сырдык сөз (таң калууну билдирет); *алөө, ошондой!*

АЛПАЗ *суз.* кыска, бир аз сөз; *алпаз сөз сүйлөдү.*

АЛПЕЙИМ *ал., батк.* кичи пейил; *алпейим ак көңүл.*

АЛПЕШ *жжол.* эркелетүү; *ата – эненин алпешинен ажыраган.*

АЛПЫ *тал.* кейпи; *алпы сынын сындаткан.*

АЛПЫК *түшт.* 1. аптык; *Нуржан алпыгып кыйналды*; 2. энтик, демик; *алпыгып чуркап келди.*

АЛПЫКТЫР *түшт.* энтиктир, демиктир; *жүрөктү алпыктырган.*

АЛПЫЛДАК *кочк., терг.* арак; *алпылдак ичкени кетти.*

АЛПЫРТ *батк.* апырт; *алпыртпа көп, пачактайвыз.*

АЛТАВА *жерг.* чүкөнүн таасы (бул сөз Жерге – Тал. Памир, Баткен, Лейлекте «тава» болуп, түндүк райондордо «таа» болуп айтылат); *алтава, чикә, пөкө, алчы дейттер.*

АЛТАЙ I *ноок.* 1. жоо чабышка кирерде колдонулган ураан; 2. *жерг.* кичине баланы эркелеткенде колдонулуучу сөз; *алтайым, алтайым, барып кел!*

АЛТАЙ II *пам., жерг.* 1. короочу, көк жал ит; 2. бөрүнүн эң айбаттуусу; 3. кумурсканын эң чону; *кумурсканын алтайыга минип алат* (калп); 4. *лейл., терг.* түтүн; *ийри – буйру көк алтай* (таб. түтүн); **алтай кызыл түлкү** *тал.* түлкүнүн бир түрү; *алтай кызыл түлкү сен болдуң.*

АЛТАЙЫН *жерг., пам.* мыкты, кубулма; **алтайын түлкү** *жерг.* жүнү кызгылт кымбат баалуу териси бар түлкү; *«алтын үйлуw кайнатадан үмүт кылат» дегендей алтайын түлкү таап бер.*

АЛТӘГӘ *жерг. к.* тәгә; *йо алтәгә таа түш.*

АЛТОW *лейл., тал., пам., жерг.,*

суз., зам. алтоо; *кудайымдын буйругу, төвөсүндө куйругу, алтоw болот айагы, экөw болот туйагы* (таб. тараза).

АЛТЫГАТ *түнд.* бир жагы кийиз, бир жагы материал орунчу, төшөкчө (муну көбүнчө төшөктүн алдына салат. Жээгин шырып жасайт); *бүгүн энем алтыгат жасады.*

АЛТЫКАНА *батк.* алтыгана; *алтыкана ордук* (кээ бир айылдарда «караган» деп аталат).

АЛТЫН: **алтын тапмай** *пам.* жугундунун ичине чүпүрөккө түйүлгөн алтын таштап, ага башын салып издеп таптыруу ойну (бул жапайы мүнөздөгү оюнду илгери эзүүчүлөр кембагалдарды мазактоо үчүн чыгырышса керек); **алтын бакан** *к.* бакан; **алтын балык** *к.* балык; **алтын гүргүрт** *к.* гүргүрт.

АЛТЫНКАН *өзг., өтм.* алтындай сүйгөнүм; *айылдын алтынканы.*

АЛТЫНЧЫ *лейл.* уруунун аты (Кара – Кәмәр, Тайлан деген жерлерде жашаган); *алтынчылар Тайлан деген жерде.*

АЛҮЛҮ *пам.* алдей (баланы сооротқондо колдонулат); *алүлү–алүлү, кулжалар жатат ойдунда, куw мүйүзү бойнунда.*

АЛЧА I: **ак султан алча** *түшт.* ала – була түстөгү мөлтүрөгөн алча (сорт); *ак султан алчанын сөөгүн жутуп жибердим;* **көк султан алча** *түшт.* алчанын бир түрү (өңү көгүш, бышканы сыртынан билинбеген, бутактары өйдө карай тике өскөн алча); **зәрдәк алча** *батк.* сары алча.

АЛЧА II *батк.* чикит ойнунда балакайды коюп чаба турган оюк жер; *чикилдәктин алчасын жерди ойуп жасашат.*

АЛЧАН: **алчан–булчан** *зам., жерг.* алчаң – алчаң; *алчаң – булчаң басканым.*

АЛЧЕКЕ *лейл.* 1. илгерки уруунун аты; *алчекенин балдары атка тың окшойт;* 2. *чүй.* чоеке, эрке; *алчеке айал тура.*

АЛЧЕЧЕКЕЙ *жерг.* өсүмдүктүн аты; *алчечекей мен эдем.*

АЛЧИЙ *түшт.* куу, митаам; *алчий көз такчы жок дәп койду.*

АЛЧИН *пам.* каргоодо колдонула турган сөз; *кудай алчин, сени.*

АЛЧУУН *баткч.* ала турган нерсе, буюм; *кишиден инсәп кеткенде алчуун койвойт корусаң.*

АЛЧЫ I *өзг.* алчы конуу; *сакам азыр алчыйт.*

АЛЧЫ II: **алчы көз** *ичк.* 1. чалыр («алчы көз» болгондо адеген мезгилде быжы менен ырымдоо жөрөлгөсү болгон); *Әлимәндин көзү алчы көз экен, бири – айды, бири – сайды карайт;* 2. *өтм.* куу, митаам; *алчы көз адам.*

АЛЧЫМПАР *тал., к.* әлчимбар; *алчымпар көйнөк кийип ал.*

АЛЧЫЛАН *ош.* көз ала чакмак болуп, ойноктой түшүү; *көзү алчыланып шашкалактады.*

АЛЧЫН I *батк.* 1. чамгарактын кайчылаштырылган жыгачтары; *түндүктүн алчыны болот;* 2. *жерг.* чырмап байлоонун бир түрү; 3. *өзг.* ээрдин алдынан жана аттын омуроосунан алып тартып койгон кайыш; 4. *тал.* кездеменин бир түрү; 5. ошол кездемеден жасалган ат жабуу; **алчын байыр** *к.* байыр; алчын токмок *к.* токмок.

АЛЧЫН II *өзг., батк., ош.* 1. саржан; *Токтогул әкә алчын менен ченеп берет;* 2. *өзг.* бир метр өлчөмүндөгү узундук; *иләстин бир алчыны бир сом, бир мүрү экен;* 3. *суз.* әлүү сантиметр өлчөмүндөгү узундук.

АЛЧЫНДА I *батк., жерг.* арчында; *алчындап таң.*

АЛЧЫНДА II *баткч.* алысында; *алчындап чыккан беде.*

АЛЫМ I *чүй, тяньш., ыск.* 1. салык; *анын да алымын берет*; 2. каниет; *койлор талаага чыкпай алым алвайт*; 3. *чүй.* тогуз кумалак ойнундагы ашык болуп калган так кумалак (аны алып башка көзгө салат); 4. *түнд.* төлгө тартканда айтыла турган сөз; *башың тогуз, айагың сегиз, ачпас алым, ай төгөрөк түш*; 5. *түнд.* адамдын кишиге карата болгон батымы; *алымы жок киши экен*; **алым савак** *түнд.* комузчулардын мелдешип биринен кийин бири черткен күүлөрү; *алым савак ырдаганда да, күү черткенде да болот*; 6. *батк.* аппетит; *ашыктуу жиликтин этин жесем да алымым канбады.*

АЛЫМ II *зам.* окумуштуу, илимпоз, билимдүү; *балдардын алымы–Пардавай.*

АЛЫМДУУ *түнд.* көпчүлүккө сыйлуу, кадырлуу же бат эле башка бир топ адамга аралашып кетме, сөзү угумдуу адам; *ай кыйын жигит го, түгөтүң.*

АЛЫМСАК I *ал.* аласа; *алымсагың алты тай, беримсегиң беш тай* (мак.).

АЛЫМСАК II *жерг.* оорукчан; *биздин туwган алымсак болуп жүрөт.*

АЛЫН *пам., кочк.* телүү; *баласыз койго алынган козу.*

АЛЫНДЫР *пам.* телгизүү; *жан кыйналат девесе, жардылыктан ким өлөт, о козуну алындырып кой.*

АЛЫНДЫРУW *пам.* козу телүү жөрөлгөсү; *жээриген койго козуну алындыруw кылат* (бул «алындырuwда» төмөнкүдөй ыр ырдалган:

«Ала мончок тагынчаак,
Менин койум алынчаак,
Алынбасаң алты күнү танамын,
Арка этиң бөлүнөр койум,
Жээрисең жети күн таңамын,
Желин этиң бөлүнөр койум,
түвей – түвей!!
Ынабасаң базарга айдап чаң кылам,
Башыңды кесип кан кылам,
Касаптарга сойдуруп,
Көшүндү сатып пул кылам,
түвей – түвей.
Шывак жесең шыпкан бер,
Кекире жесең кепшеп бер,
түвей – түвей.
Мекиренип ала кой,
Мээриминди сала кой, түвей – түвей!
Өгөй эмес өз балаң,
Өз баланды жерибе.
Өз баланды жерисең,
Өз башыңа көрүнөт, түвей – түвей.
Жалган эмес жаш балаң,
Жаш баланды жээрибе.
Жаш баланды жээрисең
Жаш башына көрүнөт, түвей – түвей.
Балалуw койлор маарашат,
Баласыз койлор эки жагын карашат.
Түвей – түвей!!!).

АЛЫНТ *пам.* телит; козуну алынттым, энди баштайын; *ырда десең ырды айтам, калы килем жылды айтам.*

АЛЫНЧААК *жерг.* телиге бат көнгөн кой – эчки; *ак көңүлчөк алынчаак, койум.*

АЛЫПТА *батк.* сыланкороз; *алыпта болушуна сээл бар.*

АЛЫПТАЧЫЛЫК *батк.* сылаң короздук; *курук эле алыптачылык кыва, уйат болот.*

АЛЫРМАН *жерг.* карыздакор; *алырманга жолово, чачыны жuwуп сыланғын, тал чывыктай буралгын.*

АЛЫСЫН *түнд.* чөбү чабылган же эгини орулган жерге кайра көктөп чыккан жаш тулаң чөп же майса; *кой–козуларды алысынга жайып живер.*

АЛЫСЫНДА *түнд.* алысын чыгуу; *алысындап кеткен жердин чөвүн чавайын деп агама айттым.*

АЛЫШ I *түнд.* 1. суу агуучу чоң, терең арык; *алыштан суу буруп кел, агорот сугаравыз*; 2. *өзг.* суу бурула турган өстөн, арыктын башы; *алышты бөгө, суу келет.*

АЛЫШ II *түнд.* 1. чабыш, уруш; *алышка минген ат экен*; 2. бирөөгө бир нерсе берип, бир нерсе алуу; *атам айтты алба деди, мен алыш кылдым*; 3. *пам.* айырбаштоо; *атыңды баш-патчасы менен алыштыр*; **алыш-коруш** *түнд.* бир нерсени экинчи бир нерсе менен аралаштыруу; *казанга май куйуп, мурч, мыйаз салып, алыш-коруш кылат.*

АЛЫШ III *өзг.* эки топко бөлүнүп ойнолгон оюнда катышуучулардын моюн алышып, бири-бирине ат коюшуп, басып келиши; *адаш деп Жаңы-Жолдо, алыш деп Өзгөндө айтат.*

АЛЫШТА *зам.* бой көтөрүп дердейгендик; *Өзбекбай алышта болуп жүрөт.*

АМАЗКӨЙ *тоң.* намазды көп окуган адам; *ал абдан амазкөй неме.*

АМАЛ I *түшт.* бийлик; *жаатташып, амалды сатып алышкан* (Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин шайлоо уруу-урууга бөлүнүп жүргүзүлүп, амал чоң чыгымдар менен байманаптар аркылуу сатылып алынган учурлар көп болгон); 2. *ал.* шарт, жөн; *Алайдын өз амалы бар*; 3. тамыр алуу, бүчүр чачуу, күч алуу; *буудай амал алыптыр*; 4. маңыз, жай, түшүм; *быйыл кәртишкәмдин амалы болгон экен.*

АМАЛ II *лейл.* эскиче айдын аты; *амал, әсәл, тывыт, секин, кәм деп айтавыз.*

АМАЛДАР *түшт.* бийлик ээси; *бай-манаптар амалдар болуп, кедейдин шорун куруткан.*

АМАЛЕЙКИМ, АМАЛЕЙКИН *ош., жжол.* 1. чындыгында; 2. *жерг.* сыягы; *амалейким, о йәм барат* (**I** жак ангемеге катышпаган **III** жак үчүн ушул сөздү колдонуп сүйлөйт); 3. *түшт.* бирок, анткени менен; *амалейким, бир нерсени айта кетиш керек*; 4. *өзг.* эгерде; *амалейким, эртең келвесең капалдашып калавыз.*

АМАЛЕК *зам.* оокат-жайга тың; *гәвимди алвай кәәде амалекке барам дейт.*

АМАЧ *ноок., ар., лейл., өзг.* 1. буурусун; жаш кезде амач кармап жүрчү эдек; 2. соко; *тирәктир сүйрөгөн беш амачтын бирөө сынды* (Жерге-Талда «супар», Ысык-Көлдө, Чүйдө «буурусун» деген сөз колдонулат); **ылай амач** *батк.* шалы эгиле турган жерди адегенде кургак айдап, анан пал жасап, анан ага бир сотке суу коюп, кайра дагы айдоо; *палдарга суw куйуп ылай амач кылат.*

АМАЧТА *жжол.* амач менен жер айдоо.

АМБАЛ I *ыск.* илгери Кытай тарапта округду башкаруучу адамга берилип келген чин; *Кытайдын амбалын да көргөм, ал да жан суурган адам эле.*

АМБАЛ II: **амбал-самбал** *пам.* самтырган-тантыраган нерсе; *амбал-самбал, гәрдим, ада болду, сәтил дейвиз.*

АМБАР I *өзг., суз.* 1. кампа; 2. *жерг.* бир центнер өлчөмүндөгү эгин; *амбар, мүштөк, балакана, кәсәл деп сүйлөйттөр*; **суw амбар** *батк.* суу сактагыч.

АМБАР II *өзг. к.* амбыр; *тартайган берекем амбарды эмне кылясың?*; **амбар кычкач** *к.* кычкач.

АМБАР III *зам.* пахтадан согулган

кызыл түстүү жоолук; *кыздардын башында амбар оромол.*

АМБАРКАНА *түшт.* 1. кампа, эгин сактaлуучу жай; *атасы амбарканаларды карады*; 2. *батк.* майда – чүйдө ар кыл нерселер коюла турган там.

АМБАРЛА *жерг.* эгиндин түшүмүн «амбар – амбар» кылып жыюу; *бүwдайды амбарлап куйуп таштадым.*

АМБАРЧЫ *түшт.* складчы; *амбарчы келсе, буудай алат элек.*

АМБУР I *суз., батк. к.* амбыр; *амбур менен орсойгон мыкты сууруп салчы.*

АМБУР II *жжол.* дубалдын боорундагы атайын жасалган тешикче; *амбур, астана, шып, супа, кәрт, печек, агыл деп жаз.*

АМБЫР *түшт.* кычкачтын бир түрү (муну усталар колдонот да, ысык темирди кармашат. Анын бир канча түрү болот. Көбүнчө учу мулук келет); *балаканада амбыр жатат.*

АМИН *түшт., эск.* 1. айыл башчысы; 2. *сейр.* селолук советтин председатели; *ол амин эки күн кәсәл болду.*

АМЕЙ *түнд.* чочуп кетүүнү туюндуруучу сырдык сөз (улгайган аялдар гана айтат); *амей, жаман, антсең ал жаман көрөт.*

АМЕЙЛАТ *батк.* алчанын бир түрү; *амейлат алчадан чоң болот.*

АМЕКИ I *лейл., өзг., к.* әмәки; *амеки, уруша кетсе – тамеки.*

АМЕКИ II *батк.* ошентсе да; *амеки синдиси каралашып турат.*

АМЕЛДЕС *жжол.* далдалчы; *казактар келип каалаган, амелдес келип баалаган.*

АММА I *өзг.* бүт, түгөw, жалпы, баары; *аммавыз иштесек, тез эле бүтөөр дейм.*

АММА II *жерг.* бирок; *ол жакшы бала, амма аз иштейт.* (Жерге – Тал, Заамин ж.б. жерлерде «лекин», түндүк говорлордо «бирок» деген сөз колдонулат).

АМСЕ *батк.* же болвосо; *амсе бойрону току.*

АНА I *ыск.* баса, ыя (сырдык сөз); *ана, айтканым келдиби!*

АНА II *ичк.* 1. тетиги, тетигил; *ана үй да салынды*; 2. тигине; *ишенбесең ана – ана*; 3. тиги, тигил; *ана не дейт?*; *ана бет тиги бет, тиги өйүз*; *ана беттин жылкысы кайчы кулак. Мана беттин жылкысы топчу кулак* (таб. кереге,уук); **ана өрөгү** *лейл.* теберәги; *ана өрөгү оку кымбат деди*; **ана шо** *жерг.* мына ушул; *ана шо киши; ана шондо так ошондо*; *ана шондо келиң*; **ана шөрөгү** *лейл.* 1. тээтетиги; 2. береги; *ана шөрөгү кыс мага таптакыр эле сүт бербеди*; **ана шу** *суз.* мына ушул; *ана шу мерген мен болдум*; **ана энди** *жерг.* мына эми; *ана әнди келди.*

АНА III *өзг., суз.* 1. эне (сейрек); *анадан калган торпоктой басып жүрөт*; 2. *жерг.* улгайган аял; 3. *ыск., сейр.* негизги цифра, жүздүк; *бул анасы, бул баласы* (ана — 100, баласы — 10, 15, 18).

АНААР *жерг.* чоң арык, алыш; *кәлтә куйрук кызыл нар анаарда жүрөт.*

АНАВУ, АНАВУЛ *жерг., пам., ал.* тээтиги, тээтигил, тететигил; *анавул жер* (сал. анавы); **анаву шо** *лейл.* тетиги ошол; *анаву шо сиз сураган киши*; **анавусудан манавусу** *жерг.* тигинисинен мунусу; *анавусудан манавусу жакшы экен.*

АНАВЫ *өзг., пам., к.* анаву.

АНАВЫЙАКТА *ар.* тиги жакта, тиякта, тыякта; *анавыйакта кызыл тиллә, ак тәңгә бар бекен?*

АНАВЫНДА *ар.* тигинде, тетигинде; *алтындан соккон бир пайнек анавында болсочу.*

АНАВЫНДАКА *батк.* ошондойчо, мына ошондой; *анавындакка кыйын иш.*

АНАГЫ *пам., өзг. к.* анаву; *анагы кара козу.*

АНАЙ I *чүй.* ык, жол; *анай таап алды.*

АНАЙ II *жжол.* сырдык сөз; *анай – анай ай башы эй, бүгүн айдын он беши эй, короодогу кой башы эй, коңур салкын күз башы эй.*

АНАЙАК *жерг.* тияк, тиги жак; *анайакка барып келвейливи?* (сал. анойак).

АНАЙЕР *суз.* ал жер, айер; *анайер көз кумарды жайнатат, көргөндүн ичин кайнатат.*

АНАЙЫ I *лейл.* кызык; *анайы болуп калыптыр* (айрым учурда ушул эле маанидеги «галаты» деген сөз колдонулат).

АНАЙЫ II *зам.* энөө; *анайылар кишини тоготпойт.*

АНАКЕ *батк. к.* анакей; *анаке көрдүңбү?*

АНАКЕЙ *түнд., суз.* тигинекей; *анакей бул түш саңа бакыт алып келет.*

АНАМСААТ *кашк.* алекисаат; *анамсаатта ак парку койду башыма.*

АНАНДА *жерг.* тигинде, тетигинде; *жеңем ананда бир нерсе койду.*

АНАР I: **ачы дәнә анар** *батк.* кабыгы кара, данеги кызыл, даамы ачуу анардын сорту (жергиликтүү эл муну ич ооруга дары катары пайдаланышат); *«толвоско суw куйва, болвоско жүк жыйва, гүйвөскө от жакпа»* (мак.) *дептир, ачы дәнә анарды сатып не кыласың?*; **кайың анар** *батк.* кабыгы кызыл, данеги чоң, кара, даамы кычкыл анардын сорту; *«жетеси йокко жети гүн әйт* (мак.) *дептир, күндө эле кайың анар беремби?*; **кара почог анар** *түшт.* сырткы кабыгы, ички даны кара кочкулданып турган анар (сорт); *кара почог анар жүрөгүмү ачыштырды* (даамы өтө кычкыл келет); **катыраң анар** кургак даамдуу анардын бир түрү; **сада анар** *көлөкөлүү, бутактуу болуп өскөн анар жыгачы*; *сада анардын түвүнө отуралык*; **түйө тиш анар** дандары чоң – чоң сүйрү келген анар (сорт); *былтыркыга караганда түйө тиш анар аз болуптур*; **чар анар** *түшт.* анардын бир сорту (ички данынын бир жагы ак, бир жагы кызыл болот); *эки сегиз он алты дейт, чар анарыңды санадыңбы?* **чүчү дәнә анар** *батк.* данеги ала бөйрөк даамы таттуу анардын сорту (кээде ал «нәмәнгән анар» деп да аталат); **ширин дан анар** анардын даамы таттуу бир түрү; **анар көчөт** *к.* көчөт.

АНАР II: анар куш *түнд.* куштун учушун, кыраандыгын баяндаган кыл кыяк күүсү; *жигит менен кыз ойунда анар кушту чертип кирди.*

АНАР III *жерг.* мен: *анары бар кәмпир бир топко ойлонду.*

АНАРЗАР *ар.* анары көп бак; *анарзарда отурат.*

АНАС *лейл.* легенда боюнча кыргыздын түпкү аталарынын бири (Анастан Заава жана Сакава «за – ава, Сакы – ава» болот. Заавадан кыргыздар, Сакавадан казактар тараган имиш).

АНГАР *батк. к.* анаар; *ангардан чыгып келип*: *кедейди бай менен соттоо — ашкавак менен таш жарганга баравар дейт.*

АҢГИР: **аңгир – зеңгир** *чүй.* арсак – терсек; *астынан карасам аңгир – зеңгир, жанына барсам капталуу темир, оозун ачсам – аппак, даамын татсам эмес таттак* (таб. шамшыкал түз).

АНГУШ *түшт. к.* эшме; *ангуш жасап, суусунувузга суук пал ичип атавыз.*

АНДА *ал., жерг.* баамда, байка; *Алайдан миндиң аттарды, сен андавайсың мәрттәрди.*

АНДААЛА *тяньш.* салбыра, шөлбүрө; *андаалавай кайра бүйрө тарт.*

АНДАВА *жерг., чатк., лейл.* 1. ылай шыбай турган калак; 2. *өтм.* шывак; *үйдү жакында андава кылавыз;*

АНДАВАЛА *жерг.* андава менен сүргүлө; *үйдү андаваладык, чай ордуна кымыз ичип атырбыс.*

АНДАВАН *тал. к.* андава; *колунда андаван, нан ордуна каймак жеп жатыр.*

АНДАВАР *өзг. к.* андава; *шывакчы мени андавар алып берчи деди.*

АНДАВАЧЫ *жерг.* шыбакчы; *Мәжит жидә андавачы экен.*

АНДАЗА I *түшт.* 1. чамгарактын, түндүктүн ийилиш өлчөмүн ченей турган аспап (бул аспап көп жерлерде жолукпайт); 2. сымбаттуу, кооз, келишкен оймо – чийме (көбүнчө темир буюмдарга чөгөрүлгөн кооздук); *андазасын әжәп келтириптир* (сал. накш); 3. *өзг.* ажайып, кызык; *ону көрсөң андаза;* **андаза көчөт** *к.* көчөт.

АНДАЗА II *батк.* куру кеп, жалкоолук; *андазаңа аш бышат.*

АНДАЗАЛУW *ичк.* дуу – дуу кептүү, айындуу; *бу андазалуw киши.*

АНДАЙЕКИ *жжол., кочк.* андай болсо; *андайеки, жеңем айтса, жамалыңдан калбайсың да.*

АНДАЙЕКИЛИК *кочк.* андай кыйын болсо; *андайекилигин көрөйүнчү.*

АНДАКА *жжол.* андай; *андака иштеп мине кыласың?;* **андака–жындака** *суз.* андай – мындай, тигинде – мында; *андака–мындака деве, болор–болвос боз кездигим бар, болоттон курч пычагым бар.*

АНДАКЕ *лейл.* кийинчерээк, кийинирээк; *картаң боз айгыр, котур козу бар, андеке билесиң.*

АНДАЛГАЗЫ *жерг.* өсүмдүктүн аты; *андалгазы towgo өсөт.*

АНДАНА *өзг.* ак бадыракай мончок; *кыздар мойнуна андана тагынышат* (сал. ак дәәнә).

АНДАРКАН *батк.* коондун бир сорту; *андарканды сойуп кудайы кыл.*

АНДАСА *жерг.* бош коюу, ачуу (сал. андаша **II**); *ооз деген дарваза, чыга берет андаса* (мак.).

АНДАСТАТ *алб.* анда – мында арбандатып сайма саюу; *сайманы андастатып–андастатып сайган да.*

АНДАТ *батк.* 1. анткор; *кара куйрук, кара жал бээден сойгун деп андат айтты;* 2. чала; *пахтаны андат чаап кетипсиң.*

АНДАША I *атб.* там шыбагыч калак темир; *ар бирине андаша бер.*

АНДАША II *зам.* бек, бектик (сал. андаса); *кылыш керек андаша, ооз деген дарваза* (мак.).

АНДЕК I *жерг., түшт.* 1. бир аз, анча – мынча; 2. азыраак, кичине эле, бир аз кийин, кийинирээк; *саал андек кел.*

АНДЕК, АНДӨК II *иск., чүй.* чүкөнүн келиши; *кыргызча чүкө ойногондо «андек, кел» деп чурулдайт* (сал. андек).

АНДЕК III: андек–дандек *чүй.* эчтекеге чактысы келбей шашып калгандык; *андек–дандек болуп жатат башкарма.*

АНДЕЛЕК *түшт.* тоголок, кичирээк, эрте быша турган бакча өсүмдүгү; *эки анделек алдым* (кээ бир адамдар анделекти «коондун бир түрү», «кичине коон» деп ката айтып жүрүшөт); *бир түп палек, бир түп палекте отуз анделек* (таб. бир ай, анын отуз күнү); **печек анделек** анделектин толук бышып жетилбей калган түрү; *печек анделекти ким алат эле?*

АНДЕС *атб.* машыгып бышкан адис; *андес болгон лөтчүк ар гай жакка барады.*

АНДЕСЕ *атб.* кырсык; *бир андес болгон го.*

АНДӨК *жерг.* 1. чүкө ойнунда чүкөлөрдүн жуп келиши (же жалаң чиге, же жалаң бөгө, таа, же алчы келиши); *сак бол, бек бол, тайарланып так бол, андөк–андөк*; 2. *пам., атб.* кен ойнунда чүкөлөрдүн келбей калышы (сал. андек **II**); *«көр көргөнүңү кылат, кесе түрткөнүн кылат»* (мак.) *андөк–андөк.*

АНДУНА *жерг.* эскиче маймыл жылы; *сиздин жылыңыз андунавы?*

АНДЫЗ *өзг., ыск. к.* антыз; адырда андыз көп.

АНДЫК I *түшт.* өсүмдүктүн аты (бул өсүмдүктү эзип, ширесин кээде аялдар бетке сүртүшөт); *шул андыкты көрвөгөн эл калбасын.*

АНДЫК II: **андык–сандык** *ыск.* опоң – чычаң (оюндун аты); *андык–сандык ойноп жүрвөйлү.*

АНЖАН *к.* анжийан.

АНЖИЙАН: **анжийан калкы** *түнд.* 1. Анжийан тарапта жашаган өзбек тилинин, маданиятынын, турмуш – тирчилигинин таасирин көбүрөөк көргөн кыргыздар; *кызаргандын баарысы анжиян калкында болот*; 2. ошол элдин турмушун баяндаган кыл кыяк күүсү; *анжийан калкы деген күүндү чал* (сал. анжан, әнжийән); **анжийан** (әнжийән) **кара** *өзг.* жүзүмдүн өңү кара, тоголок келген сорту (бул сорт Анжиян тараптан чыккан деп эсептелинет); *анжийан кардан ал*; **анжияндын там базар ээри** *жумг.* анжиян ээр (бул ээр бекем жыгачтын кесиндилеринен желим менен кураштырылып, таралган тарамыш менен чапташтырылып өтө бекемделип жасалган); **анжийан чейрек** *түшт.* элүү кг. өлчөмүндөгү оордук; *анжийан чейрек–анжийан чейрек дейсиң, «пайдасы жок совда баш жарат»* (мак.); *эки анжийан чейрек 100кг.*; *үч анжийан чейрек 150кг.*; *төрт анжийан чейрек 200кг. өлчөмүндөгү оордук.*

АНЖЫ *өзг. к.* анжыс.

АНЖЫС *өзг.* отко жагылуучу өсүмдүктүн бир түрү; *мен көп анжыс чогултуп койдум.*

АНЕТИШ *өзг.* антиш; *анетиш жаравайт, мүмкүн көөнүнө кетет.*

АНЕТҮҮ *өзг.* антүү; *анетүү сенин ишиң.*

АНЕТПЕ *өзг.* антпе; *билвегенден кийин анетпе да.*

АНЕГИ *кашк.* алиги; *анеги көчтүн арты кургүw–чуру чуw.*

АНИЙ *кочк.* макул болбогондукту билдирүүчү таңгыч сөз (көбүнчө балдардын речинде колдонулат); *аний, барбайм.*

АННА *лейл.* терең, чоң жар; *аннада жатат, биз ичтен, силер тыштан мал алмашавыз дейт.*

АНОЙАК *лейл. к.* анайак; *анойактан келе жатсам жолукту.*

АНОО *лейл.* тетеги; *аноону көрдүңбү?*

АНСАПТУУ *кочк.* эч нерсеге жутунбаган адам; *басмырт, ансаптуу адам эле.*

АНТ: **ант–бант** *өзг.* а – бу, тиги – бу; *ант–бант кылдым, жыйырма төрт жылдыз бант кылдым* (таб. атка така кагуу).

АНТАЛА *пам.* 1. көп тойгондон ынтыгуу, күпчөк болуу; *аралаштырып жеп антала болдуң*; 2. *ыск.* шаштысы кетүү; *алактап калуу*; *анталап эмне алеп–желеп болосуң?*

АНТЫЗ *жерг.* өсүмдүктүн аты; *антыз деген кuwрай бар* (түндүк райондордо мунун кара антыз, сары антыз деген түрлөрү болот.

Жергиликтүү эл антыздын түбүн казып, тамырын кургатып, жууп – тазалап, жанчып, желкабыз оорусуна дары катары пайдаланышат).

АНТЫЗДУW *жерг.* антызы көп жер; *антыздуw жерде ат өлвөйт, бозмоштуw жерде бото өлвөйт* (мак.).

АНХАР *зам.* узун жоон аркан; *анхар тартып суw алган.*

АНЧА *лейл.* 1. көп, бир далай, бир кыйла; *анча увак болду*; 2. узак, алыс; *анча жол кыйла алыс жол*; **анча жер** *батк.* бир далай жер (бул сөз ушул мааниде өзбөк говорлорунда да учурайт, андан тажик тилинин шайдан говоруна да өткөн); **анча–анча** *батк.* бир топ, бир далай; *кечээ кар анча–анча жок болду.*

АНЧАЛЫК *жерг.* бир кыйла; *анчалык айырмасы бар.*

АНЧЕКЕ *пам.* анчейин, аз гана; *топоздор байып анчеке сүт чыкты.*

АНЫЙАК *жжол.* ал жак; *аныйак, учма пәйиз, жүгәрмәк, истәлә кыл, әнизгәчә дейвиз.*

АҢ I *ичк.* жыт, буу; *жалгыз аттын даңы чыкпайт, жалгыз нандын аңы чыкпайт* (мак.).

АҢ II *жжол.* үрөй; *алардын аңы учуп кетти.*

АҢ III *ичк.* мөңгүнүн жаракасы; *аң мөңгү жерлерде болот.*

АҢ IV *жерг.* 1. үн, добуш; *адырмак тоwго аң салды*; 2. *өзб.* обон; *аңывыз өзвекче әйләнип калды*; 3. *лейл.* укук; *бул киши аңсыз болгон го.*

АҢ V: аң жолу ичке *атб.* уучулук иши татаал, кокустугу көп, коркунучтуу; **аңы качты** *чүй.* аңчынын жолу болбой калуусу; *түлкүнүн канын жувай эле кой аңы качат.*

АҢА *тал.* ага, аа; *аңа кыздын атасы септи оголе көп берет.*

АҢАЗА *к.* аңгаза.

АҢАЗАЛА *батк. к.* аңгазала; *баарын сатат экен дешип аңазалашат.*

АҢАРГЕЧЕ *суз.* аңгыча; *аңаргече кат алат, ичиндегисин чече алвайт.*

АҢГААЛ *түнд.* эчтекени ойлобой иш кылган адам; *акылдуу баатыр жоонун ташын жарат, аңгаал баатыр өзүнүн баршын жарат* (мак.).

АҢГАЗА *лейл.* атак, даңк; *Алайдан да алыста аңгазасы.*

АҢГАЗАЙЫ: аңгазайы–даңгазайы *батк. к.* аңгаза; *аңгазайы–даңгазайы кылат.*

АҢГАЗАЛА *лейл.* даңазала, атагын чыгар; *ырдагандын баарысы санат болот турвайвы деп аңгазалайт.*

АҢГАР I *пам.* чуңкур, ан; *аңгардан чыгып келет.*

АҢГАР II *жерг.* 1. сез, түшүн; 2. байка; *аңгарап иш кылгын*; 3. этиятта; *акылсыз адам аңгарбай иш кылат* (мак.).

АҢГАРЫШ *жерг.* сез, түшүнүш; *журт келди аңгарыштыр.*

АҢГЕК I *тяньш. к.* 1. апкел; 2. *тал.* тамеки жалбырактарын баттай турган жай, жертөлө; *тамекини аңгекке алпар.*

АҢГЕК II: аңгек–даңгек *тяньш.* томолонуп – жумаланган нерсе; *аңгек–даңгек болуп отурду.*

АҢГЕЛ I *чүй.* 1. аңыз; 2. *өзг.* суу жеп аңырайтып кеткен жер; *сур жорго минип аңгелге түшүп кетет.*

АҢГЕЛ II: аңгел–жаңгел *батк.* ыр – чыр, чыр – чатак; *аңгел–жаңгел кылдылар.*

АҢГЕЛДЕК *жжол.* жаш балдар орокту бир чекке тумшугу менен тийгизип ойноо ойну (мында мелдешке куурай, тезек коюлуп ойнолот. Сузак тарапта орокту өйдө ыргытып, анын учунун жерге сайылышын эсепке алат. Алай тарапта колду толгоп, орокту жерге сайып ыргытуу эсепке алынат).

АҢГИ *түнд.* 1. көп кишинеп жулкунган, биттелген жылкы; 2. *түшт.* биттелген эшек; 3. *өтм., түнд.* ээ бербей өз билгенин иштеген, кепке келбей сүйлөгөн адам; 4. *өтм.* али үйлөнө элек, үйүнө көп токтобогон жаш жигит.

АҢГИЛ: **аңгил–маңгил** *чүй.* эс – мас, дендароо; *ким экенин биле албай аңгил–маңгил болуп турдум.*

АҢГИЛИКТЕ *пам.* оңко – чоңко кетүү; *таза аңгиликтеп кетти.*

АҢГИЛЧЕК *зам.* селкинчек; *аңгилчек ойноп жатат.*

АҢГУР: **аңгур жүзүм** *к.* жүзүм.

АҢГЫЛ: **аңгыл–дөңгүл** *батк.* өңгүл – дөңгүл; *дувалдын аңгыл–дөңгүлүн гәрдиш дейт.*

АҢГЫР I *жерг.* аңыр; *аңгыр көрдуңбу?*

АҢГЫР II: **аңгыр–түңгүр** *чүй. к.* аңгыл; *алыстан карасам аңгыр–түңгүр, жанына барсам капкалуу кара темир, татып койсом таптаттуу* (таб. жаңгак).

АҢГЫРА *жжол.* эшектин кыйкырышы; *эшек аңгыраса кулак тунат.*

АҢГЫЧӘЧӘ *пам.* аңгыча; *аңгычәчә олор келип кетишиптир.*

АҢДА *түшт.* байка, баамда, тында, тыңша; *аңдаваган төw көрвөйт* (мак.); *аңдавай сүйлөсө арывай өлөт* (мак.).

АҢДАВА *чүй к.* аңдаба; *аңдава деп айта веревиз.*

АҢДАШ *ноок.* сырдаш; *адымы келин аңдашым.*

АҢДООЧУ *тяньш.* баамдоочу; *зарын тартарын аңдоочу эмес.*

АҢДЫЛА *пам.* аңды; *ач бөрүдөй аңдылап.*

АҢКА I *пам.* 1. баамда, байка; *балам, аңкап иш кылгын деди чал;* 2. бил, сез, түшүн; *шону аңкап көр.*

АҢКА II *тянш.* эңсөө, чаңкоо, суусоо; *кызыталак суткор байды жок кылсам деп аңкадым.*

АҢКАЙ *пам.* 1. кекейген, керкейген адам; *аңкайганга аңкайгын төвөң көккө жеткенче* (мак.); 2. *түнд.* ооз ачып делдейип калуу; *аңкайып эле мени тиктеп калыптыр.*

АҢКАК *жжол.* үп, өтө ысык; *бүгүн күн эң эле аңкак болду.*

АҢКАР *кашк.* кемсинт; *экөwүн бирдей карысың деп аңкарат.*

АҢКАСТА *пам.* шаш; *аңкастап имне кылат?*

АҢКИЛ *түнд.* төбө менен жерге туруп оодарылып кетип ойногон оюндун аты; *аңкил атып ойношту.*

АҢКИЛДЕ *тал.* аңкилдек ойноо; *аңкилдеп кетип калсам, көгүчкөндөрүм эмне болот?*

АҢКОW *жерг.* аңкоо; *ийне болсо иш кылвас аңкowду алган экенсиң* (Жерге – Талда кээде ушул мааниде «гәрән» деген сөз да колдонулат).

АҢКЫ I *кашк.* гүл; *бул кандай аңкы?*

АҢКЫ II *ал.* аңкоо; *аңкы адам, кавыргасын күнгө кактап отурат.*

АҢКЫ III *ичк.* бош, ээн калуу; *аңкып улуп–уңшуп отурат.*

АҢКЫ IV: **аңкы–теңки** *пам.* өйдүк – сөйдүк; *астын–үстүн, айланкөчөк; жер аңкы– теңки болуп кетти.*

АҢКЫК *кашк.* гүлдүү, жыттуу; *бул аңкык.*

АҢКЫЛ: **аңкыл–чуңкул** *батк.* өңгүл – дөңгүл; *аңкыл–чуңкул жол экен.*

АҢКЫР: **аңкыр–чуңкур** *лейл. к.* аңкыл; *аңкыр–чуңкур девеймин, катар–катар лөктү айтам, каалаваган топту айтам.*

АҢЛЫ *өзг.* аңды; *мылтыгым колумда, аңлып жаттым.*

АҢНАЗАР *батк.* уруунун аты; *аңназар урuwу: чөлчү, чалыш, кырсаадак, кырканак болуп бөлүнөт.*

АҢСА *түнд.* эңсөө, дегдөө, чаңкоо, суусоо, сагынуу, кусадар болуу; *асылкеч, тамашаңды аңсадым.*

АҢСЫЗ *жерг., кашк.* сезимсиз; *о аңсыз, канча жыл жатак сактадың.*

АҢСЫЗДАН *зам.* байкоосуздан; *аңсыздан кирип келсе болбу.*

АҢТАР I: **аңтар–төңтөр** *алб.* астын – үстүн кылуу; *жер казганда тез эле аңтарып–төңтөрүп койвойсуңбу?*

АҢТАР II: аңтар – төңтөр быт – чыт; *айылдын баарын аңтар–төңтөр кылып чаап кеткен*; **аңтар–эңтер** *ош.* аңтар – теңтер; *астарынан бери аңтар–эңтер кылдым.*

АҢТАРАКАЙ *чүй.* 1. аңтара кийилген кийим; 2. аңтара салынган буюм; *аңтаракай тону бар, кодуракай бойу бар* (таб. кой).

АҢШАЙ *жерг.* чакмак таш ойнундагы бир фаза; *аңшайды башта, о–буну гэп урвай.*

АҢШАЙМА *жерг.* чакмак таш ойнунда сол колду жерге коюп, таштарды салаадан айдап кирүү фазасы; *аңырайган алачыкта отуруп аңшайма ойночувуз.*

АҢЫЗ *жжол., кочк., чүй.* ушак айың сөз; *аңыз кылдык, аны–муну сүйлөшүп отурдук.*

АҢЫЗГАЧА *пам.* аңгыча; *аңызгача тай торпок жоголот.*

АҢЫЗГӘЧӘ *жерг.* азыркыга чейин; *аңызгәчә тирик экен, кетким келбей койду.*

АҢЫР *чүй.* дымып унчукпоо; *адамдын аңырганы–жуушаганы.*

АҢЫРАКАЙ, **АҢРАКАЙ** *түнд.* алжайып ачылып турган нерсе (сал. монг. ангархай).

АҢЫРКА *кашк.* таңдан; *Асандын үйүгө аңыркап отурат.*

АҢЫРТ *түнд.* ушак, айың сөз; *мындай деген аңырт угулду.*

АП I: **ап бер** *лейл.* демит; *эшикти ачып, ап берди.*

АП II *зам.* чикит ойнунда чикилдектин балекке тийбей калышы; *чикилдәк тийвей ап калды.*

АП III: **апым бар** *тал.* кулдугум бар; *апым бар, живек эмес жүн эмес, жип башайы гүл новда.*

АП IV *жжол.* калыс; *аб болсо алтоw, сен болсоң жетөw* (мак.).

АПА I *чүй, жжол.* 1. эне; *атаны тартып бала өсөт, апаны тартып кыз өсөт* (мак.); 2. *ккырг.* эже; *эне, апам кайда?*; 3. таеже; 4. улуу аялдарга сылык түрдө кайрылуунун формасы; *апа, сиз ким болосуз?* (бул сөз «эне, эже» деген мааниде Ысык – Көл, Тян – Шан тараптагы кээ бир жерлерде айтылбайт. Ал өзбөк тилинде «эже» деген мааниде учурайт); **апам чалмай** *жжол.* күрөшкөн адамды байкатпай туруп, бутун буттун аркасына коё коюп чалып жыгуу ыгы; *апам чалмайга сал.*

АПА II: **апа–үпө** *чүй.* анан – мына, тиги – бу; *мына бүгүн эле отуз сом апа–үпө болуп жок болду.*

АПАЖАН *ош.* апаке; *келиң, апажан, мен ойокко баргым жок.*

АПАЖЕ *суз.* 1. улуу аялга, байбичеге кайрылуу сөзү (революцияга чейин күңү аялдардын эң улуусу ушул сөз менен тергелген); *сенин айымың апаже болгон*; 2. *жерг.* чоң аже (сал. таж. диал. апача).

АПАЙ I *чүй.* апаке, энеке; *апа...а, апай, токтоо, апай.*

АПАЙ II *түнд.* бети тегиз, бирок кыйгач дөңсөө келген тоо бети; *көч береги апай бетте.*

АПАЙ III *батк.* чочуганда айтылчу сырдык сөз; *апай, жүген кана?*

АПАЙТӨШ *ыск. к.* айдөөш; *койду апайтөшкө чыгарды.*

АПАК: **апак–чапак** *батк., жерг.* өтө ысык болуп мамиле түзгөндүк; *өкөw апак–чапак, күркүрөп аккан кашка сuwдай жүрүшөт.*

АПАКАЙ *тал., терг.* кызамык (оору); *апакай деп тергешет.*

АПАКЕБАЙ *ыск.* апаке; *апакебай деп бетин баса койду.*

АПАКЕБАЙЛА *ыск.* апакелөө; *апакебайлап чыркырап ийди.*

АПАЛА *чүй.* апа деп кайталап айтуу; *апалаган үн чыкты.*

АПАЛАК: **апалак–сапалак** *батк.* өйдө – төмөндү орду жок сүйлөгөн адам; *апалак–сапалак адам экен.*

АПАН: **апан–сапан** *түшт.* апан – тапан; *анан–сапан, жаман–чапан, ийри комуз, чолпон жылдыз* (таб. төө).

АПАҢ: **апаң–сапаң** *батк.* 1. бапак – сапак, ыпыр – сыпыр; *үй ичи апаң–сапаң*; 2. үрпөйгөн, апсайган – сапсайган; *шалпар эмес, шайы эмес, жөн эле апаң–сапаң.*

АПАП *батк.* киши ооруп калса, кандайдыр бир тамырлуу чөптү жулуп келип, аны менен жаакка, чекеге, ийинге, далыга, чыканакка, алаканга, тизеге, таманга тийгизип дарымдоо жөрөлгөсү; *киши ооруса, учуктап апап кылат*; **апап–апап** *түнд.* 1. бала коркуп жүрөгү козголгондо же жөн эле эси чыгып калганда оозго ортон колду салып, үстүнкү тандайды өйдө – өйдө көтөрүү жөрөлгөсү; *өйдө–төмөн көп сүйлөвөй апап–апап деп койчу*; 2. ошол апап кылууда колдонулуучу сырдык сөз.

АПАПТА *түнд.* жаш баланын жүрөгү түшкөндө «апап» айтып оң колунун салааларынын ички бети менен ээктеп, өйдө карай көтөрүү жөрөлгөсү (кээде сөөмөй менен тандайды көздөй да көтөрүп апаптайт); *жүрөгү козголсо апаптап кой.*

АПАР: апар тамга *к.* тамга.

АПАС: жаман апас *ыск.* жаман жорук; *жаман апас сездиңби?*

АПАСЫЗ *чүй.* опосуз; *оо, апасыз дүйнө!–дептир.*

АПАТ *ош.* 1. стихиялык кырсык, балакет; *айылды апат аралагансып уйгу–туйгу түштү*; 2. *пам.* бүлгүн – кыргын; аталанын апаты, көмөчтүн көк жал бөрүсү (мак.); 3. *батк.* өч; душман; *мәкәнин апаты–жәйрә.*

АПАТ КЕГИР! *өзб.* түгөнгүр!, жоголгур!, жер жуткур!, соолгур!

АПАТАЙ *түшт.* энеке; *жакшы, апатай, өзүңөр кандай турасыңар?*

АПБАРАКЕЛДЕ *түнд.* сырдык сөз (алкоо, жактыруу, ыраазы болуу сезимин билдире турган сөз); *апбаракелде, деди чокчо сакал.*

АПЖИП *ыск., кочк.* өтө арыктап, катиңки тартып ооруган адам.

АПЕЙ *түнд.* чочуп кеткенде айтылуучу сырдык сөз; *апей, ал эмне дегениң?!* (чочуганда «апей какмаар, апей кара, апей катыгүн, апей кудай, апей көтөк—татай эй, апей талтаң» деген сөздөр колдонулат); **апей, жигит колуң тарт** кыл кыяк күүсүнүн аты; *апей, жигит, колун тарт деген күү жигиттин жеңесине карата чыгарган күүсү.*

АПЕК *чүй.* апей (сырдык сөз); *апек, тиги эмнеси?!*

АПЕРЕЧ *батк.* килемден жасалган баштыкча; *Умут аперечти алып келди.*

АПЕЧЕ *жерг. к.* апаже; *о, апаче, сүйүнчү, элик сом эде баасы.*

АПИЖЕ *өзг. к.* апаже; *апижемдикине барам деди.*

АПИЙ *түнд.* күтүлбөгөн жерден тез чочуп кеткенде айтыла турган сөз; *апий бетим, ал эмнең?!* (ушундай учурда «апий ботом, апий карангүн, апий карантүн» деген сөздөр да колдонулат).

АПИЙИМ *түнд.* 1. өсүмдүктүн аты; *Ысык–Көлдүн көп жеринде апийим айдалат* (түштүк райондордо ал «көкнар» деп аталат); 2. ошол апийим өсүмдүгүнүн тилинип,

кырылып алынуучу маңызы; *апийим кесип, апайим кырып жүрдүм.*

АПИС *кочк.* напси; *тамак ичем деп аписи акты.*

АПИЧЕ I *өзг. к.* апиже; *апиче, бала экенде биз көрдүк байыркы өткөн заманды.*

АПИЧЕ II *батк. к.* апиче; *кештени бүвү апичим сайган.*

АПИЧИЙ *кашк.* ак чүч; *ак упа чачса апичий дейт.*

АПИШШ *тяньш.* эликтөө сезимин билдирүүчү сырдык сөз; *апишш, сенин атаң ушуву?!*

АПКААРЫ *батк.* 1. мүдүрүл; *апкаарып кеттим*; 2. *түнд.* чочуп, же сүрдөп сүйлөй албай калуу; *апкаарып сүйлөй албай койду.*

АПКАРМА *батк.* тоонун тырмышып жөргөлөп чыга турган тик бети; *апкарманын наржак, бержагын аттык.*

АПКАШ *батк.* арык; *апкаштан жолукту, качан келдиң деди.*

АПКЕ I *жжол.* эже; *мен апкемдикине барам.*

АПКЕ II *суз.* апкел; *апке, үкөңдү, апке.*

АПКЕЛ I *тяньш.* 1. өстөн, арык жээгине төгүлгөн шагыл, кум; 2. шакап; *апкел тартып сугардым* (Чүйдө «каш», ккырг, «ада» деп аталат).

АПКЕЛ II *түшт.* алып кел; *ак кептерди апкел, живерет.*

АПКЕТ *түшт.* алып кет; *өкмөт аскерге апкеткен эле.*

АПКЕЧ *кочк.* ийиндегич; апкечти каруусуна илип алды (кээ бир жерде ал «апкөш, суу илгич, ийиндегич, суу ийиндегич, ийин жыгач, суу көтөргүч, суу бакан» деп айтылат).

АПКИР *түшт.* кир; *мени кайакка апкирип койду.*

АПКОЙ *түшт.* алып кой; *муну сиз апкойуң.*

АПКӨЙ *ош.* таттуу, жумшак; *апкөй тилге салып чөп ташытты.*

АПКӨЧ, АПКӨӨЧ *түнд. к.* апкеч; *Алыйман апкөөч менен суу көтөрүп келди.*

АПКӨШ *тяньш. к.* апкеч.

АПКЫРТ *лейл.* апкыт; *апкыртыңды кыйшайта басыпсың, муңайам саңа Абдылла.*

АППАН *пам.* «ууруну тап» ойундагы биринчи кишиге коюлган жашыруун ат; *алтындан саадак байланган аппан болгун*; **аппан–саппан** *батк.* эскиче айт күндөрүндө айтылуучу азан; *аппан–саппадан келип, элик менен турнанын пайын чырайт дейт.*

АПСА *алб.* адамдын оорусунун аты (кандайдыр бир ич ооруп, ооздон сасык жыт чыгып ооруган оору); *илгери апса owpy менен owpуп ашынган экен.*

АПСАЛА I *өзг., батк.* көңүл, шаабай, дух; *апсала кылва көңүл бурба*; *апсаласы пас назары жок*; 2. *лейл., өзг., батк., зам.* шык, ынтаа; *апсала кыган мойсопуттардан сураш керек*; **апсаласы бир болду** 1. жаны жай тапты, көңүлү тынчыды; *көксөсү сууду* (канды); 2. *өзг.* жок кылуу, союп жиберүү, житирүү; *жиниме тайсең апсала кылам.*

АПСАЛА II *жерг.* кебете – кешпир, өң – түс; *акмактын апсаласын кара.*

АПСАНА *жерг.* 1. ушак, айың; *апсана сөзгө кирдиңби?*; 2. *өтм.* окуя, жомок; *апасана айтып бар.*

АПСАРСАР *түшт.* алп кара куш; *апсарсардын эки көзүн карасаң ак милтенин чогундай.*

АПСЕЛ *тал.* өйдө, жогору; *жаман жолдоштон жакшы таяк апсел, жамандын өзүнөн жакшынын жаты апсел* (мак.).

АПСУ *өзг.* бушайман; *деги кыйын апсу жеди.*

АПСЫК *өзг.* ачыгып бузулуу; *араман жөөнү апсыкты.*

АПСЫН *жерг.* абысын; *апсыны менен мамилеси бузулат.*

АПТА *түшт., тал., зам.* бир жума (бир жуманын ичиндеги жети күн); *ашып кетсе, бир апта; апта пышты күн ысыды.*

АПТА II: **апта орой** *пам. к.* аптапорой; *апта оройдо кар жок экен.*

АПТА III: **аптап–жымдап** *чүй.* эптеп – септеп; *аптап–жымдап урганына ыракмат.*

АПТАВА *тянш., түшт.* чоргосу бар, ичке моюндуу, жез чөөгүн (*буга дайыма суу куюлуп, кол жуулат, чай кайнатылбайт*).

АПТАВАЧЫ *түшт.* кокон хандыгынын мезгилинде хан ордосундагы кызмат орду (бул орундагы киши ханга ж.б. жогорку орундагылардын колуна суу куюу, аптава бөлүштүрүп берүү иштерин аткарган); *аптавачы булкунуп топтон кек алат.*

АПТАГОРОЙ *батк. к.* аптапорой.

АПТАК *батк.* аптап; *бүгүн жүдө аптак боп турат.*

АПТАКАЙ *тоң.* илгерки уруунун аты; *энекем–аптакай элге жакканым.*

АПТАКАРАЛ *батк.* 7 – 8 күндүк мөөнөт менен пайдага иштетүү, же пайдага карызга берүү; *он тиллэ алса аптакаралда он бир тиллэ кылып берер эде.*

АПТАЛЫК *түшт.* 1. кыйынчылык, кордук, мүшкүл иш; *түрмөгө камалып, башына апталык түшкөн*; 2. зарылчылык; *апталыкка пул алып парага тыныган.*

АПТАМА *тянш., жерг. к.* аптава; *аптама менен суу алып кел.*

АПТАН *жжол.* абдан; *илгерки айалдар илеки кийгенде аптан жарашар эле.*

АПТАПАРАЗ *батк.* 1. күн карама; *аптапараз өсөт экен, барып аралап көр*; 2. күндү ээрчип башын, гүлүн айландырып турган жалпы эле ар кыл өсүмдүк; 3. күнгө табынып сыйынуучулук (Баткендин тоо арасындагы айылдарда «аптапараздын» төмөнкүдөй издери калган. Күн жаап токтобой койсо, жүгүрүп жүргөн тун баланы дырдай чечинтип, бийикке чыгарып күнгө көрсөткөн. Күн дайыма ысып жаан жаабаса, андагы тун баланы жылаңачтап, үйдүн ичине түшкөн күндүн нурун уялтып качырган. Эгер күн тутулса, казанды сыртка чыгарып, көмкөрөсүнөн коюп, калдыратып көөлөгөн).

АПТАПОРОЙ *өзг.* күндүн таамай тийген каксоо жери; *аптапорой тийген жер экен.*

АПТАРА *батк.* кебете – кешпир; *аптарасы хуник, көп күлөт, акылы аз.*

АПТАРТАР *пам.* жандыктын аты; *аптартар чагып кетпесин.*

АПТАП: **аптап же** *өзг.* күнгө кактануу; *жүндү эшикке алып чыгып кой, аптап жесин*; **аптап көтөрүп кетирип** *батк.* күн күйгүзүп жибериптир.

АПТАРЧЫ *түшт. к.* эттөрчи; *көвөр бекем көз барда, аптарчы үйгө кайт кылса.*

АПТИ I *тал., чатк., жжол.* сыягы, болжолу, кыязы; *башкарма келген жок, апти үйүнө киши келген го.*

АПТИ II *тал. к.* эпти; *апти өркөчү бийик нардай.*

АПТОО *суз.* 1. күнөс жер; *адегенде, аптоо жерди айдачы элек*; 2. *чүй.* аптап, ысык.

АПТОРОЙ *лейл., зам.* эшиктин алдындагы күнөс жер; *апторойдо отура берет* (Жерге – Талда «күнгөлүк», түндүк говорлордо «күнөс, күнгөй» деген сөз колдонулат).

АПЧЕ *пам., чүй, тал., жерг., өзг. к.* апаже; *кээ бирөwдүн мүлкү бар, кээ бирөwдү бай кылган, кээ бирөwдү дүйнөдөн пәрзәнти үчүн зар кылган – деп апчем айтчу эде.*

АПЧУУР *жжол.* кичинекей чеңгек; *апчуур, бытыкый, үп дейвиз.*

АПЧҮ, АПҮЧҮ *чүй, ыск.* сырдык сөз (жаш баланы жыттап жөн эле чүчкүрүп калганда айтылат); *апчү, жытың бал экен.*

АПЧЫК *өзг.* алып чык; *айалы дароо апчыкты.*

АПЫ *түшт.* үлүш, акы; *ол – устанын апысы да* (усталардын апысы үчүн пул берген, кийим кийгизилген, мал төлөнгөн).

АПЫЗ *пам., лейл., өзг.* ырчы; *Бөрүвек деген апыз өткөн* (Памирде Бөрүвек деген адам чоң ырчы катары даңкталып айтылат. Анын эл оозунда «Халдар», «Өзгөчөм», «Ак толмоч» ж.б. ырлары, айрым санаттары ырдалат. Ырларынын жана санаттарынын көркөмдүүлүгү бир кыйла жогору болуу менен бирге, кайсы бир пикирлери ислам динине негизделип айтылган).

АПЫЗЧЫ *жерг.* ырчы; *өзү узун киши; уwлу – апызчы, кызы – ойунчу* (таб. суу, бака, балык).

АПЫКЕ *тал., чүй.* апаке; *апыкем босого бойдон адашты* (каза болду).

АПЫКЕЛЕ *тал.* апыкеле; *апыкелеп жан койбойт.*

АПЫЛ: **апыл – тапыл карай куш** *жерг.* ийне жоголду ойну; *апыл – тапыл карай куш деп кол чавып тураттар* (10 – 20га чейин топ балдар экиге бөлүнүп, бирден башчы дайындалып, ал башчы өз балдарына ат коюп, анан алардын бирөө экинчи топтогу бирөөнүн көзүн жашырып, өз тобундагы баланын бирөөнү жашырын аты боюнча чакырат. Ал келип, көзү жашырылгандын чекесин чертип, кайра өз ордуна барып отурат. Ал балдардан кийин бул топтогулар «апыл – тапыл карай куш» деп кол чаап отура беришет. Чекесин черттирген бала черткен баланы тапса, өз тобуна алып кетет. Таппаса, ошол топто калат. Анан кезек экинчи топко тиет. Оюн ошентип улана берет. Аягында бир жагы утат).

АПЫЛДА *батк.* 1. жулун, шымалан; *апалдап көвүн кетмен менен кетмендечи элек*; 2. *кочк.* жалында; *кепенин ичи апылдап ысыды.*

АПЫЛЕ *тал. к.* апыче; *илгеркилер апыле дечү.*

АПЫРАЙ *ыск.* таң калуу сезимин билдире турган сырдык сөз (бул сөз казак тилинде «апиримай, ойпырымай, апырай» болуп айтылат. Сөз «а+пыр+ай» деген бөлүктөн турат); *апырай, темир күрөк менен да казчу элек.*

АПЫС *батк.* опуз; *эгинди апыс кылган.*

АПЫЧЕ *өзг. эжеке* (кичине кызга карата эркелетүү маанисинде айтылат); *апыче—апыче, күлүп койчу?*

АР *пам.* суу жеп кеткен жер; *кечээги эле бүтүн жээк бүгүн ар.*

АРАА *батк., лейл.* 1. сайманын бир түрү; *араа, ийрек, кәлит, пычак, учу, такта деген кеште бар*; 2. *чүй.* сөөмөй (сөз ойнунда колдонула турган жашыруун ат); *сөөмөйдү – араа, бармакты – балта деп жашырат*; **буруш араа** *жерг.* жыгач аштоо үчүн колдонулуучу араа; *буруш араа менен баарыны кестим*; **туура араа** *атб.* эки кишилик чоң араа.

АРААКТА *ыск., тяньш.* арырааkта, ары жакта; *Көкөтай арааkта уктап жаткан.*

АРААМ I *ичк.* 1. көк бөрүдө улакчылардын эки топко бөлүнүп, улакты тартуу салты (мындай араамга бөлүнүү памирдик

кыргыздарда жолугат); 2. жаат; *эки араам болуп урушту.*

АРААМ II *лейл., жерг.* тынч, жай; *жаны эми араам алды.*

АРААН *жерг.* 1. анжы, эки ойлуу; *араан турат, өлөңдү айтып-айтып келип, ойлонуп калат*; 2. *чүй.* күсөө, эңсөө; *араан басып алган тура.*

АРАВА I *өзг.* тамак ичүүдө эки – үчтөн болуп, бөлүнүп отурган топ; *эки аравадан болуп, бир тавак/к/а отургула* (к. авара).

АРАВА II: **галтек арава** *суз.* жаңы басып келе жаткан балага жасалган оюнчук араба; *галтек араваны жаңы баскан балага жасайт*; **жин арава** *батк.* велосипед; *жин арава көрүп, өнөрүн дүнүйөнүн энди ойлоймун*; **ок арава** *арабанын ок жыгачы*; **көтөк арава** бийик чоң, эки дөңгөлөктүү араба; *көтөк аравада отуруп: «өлөңдү айтып-айтып айткан калат, чечендер тилиңди катка салат, айт дегенде өлөңдү айта бергин, ардактаган жаныңды акыры алат» деп созуп кирди*; **сайаван арава** *ош.* чоң дөңгөлөктүү, үстү жабык араба.

АРАВӨК *кочк., ыск.* 1. жоро – бозо ичкенде аяк сунбай аттатып жазалоо жөрөлгөсү; *саламчыда аравөк калуудан ашкан кордук барвы?*; 2. ордо ойнунда ичке түшкөн кишинин колу чүкөгө жетпей калган учуру; *ичке түшкөн менен аравөк калды.*

АРАВИ *жерг.* 1. арап элине таандык көрүнүш; 2. арап тили; 3. арапча; *аравн гэп урат экен, кээде өлөң айтат экен.*

АРАГҮЛ *түшт.* там үйдүн карнизине түшүрүлгөн оюунун аты; *арагүл деген түр бар, ойгонума көп болду.*

АРАЗ: **араз-берез** *батк.* таарынып кол үзгөндүк; *«кулунду кошсок ат болвойт, тушган менен араздашсаң жат болвойт»* (мак.) *деген менен шо тойдон кийин араз-берез болуп жүрөвүз.*

АРАЗДА *өзг.* таарынуу, коркутуу; *чоң авам эки күндөн бери араздап үйгө кирвейт.*

АРАЙ: **арай жилик** *жжол.* колдун жилиги; *арай жилик, корто жилик деп бөлөвүз.*

АРАК I *лейл.* 1. үйдүн ич жагына торсундардын астына пайдубалдын үстүнө 30 – 40 см. чамасында эни бар, оймо – чийме түшүрүлгөн, ар кандай элестер тартылган тактай (арак үйдүн ичин бийик көрсөтүп, ага кооздук берет, үйдүн дубалы менен сынчтарды бекем бириктирип туташтырат); 2. жыгачка түшүрүлгөн оймо – чийме; 3. *зам.* чаркардын арасына коюлуучу чабак жыгач; *арак, арык, апсана деп айтавыз.*

АРАК II *жерг.* ары жак; *аракта туруп калдым.*

АРАК III: ак арак *чүй.* мас кылуучу ичимдик; (кээ бир учурда Чүйдө вино менен аракты бири – биринен «кызыл арак» жана «ак арак» деп ажыратышат).

АРАКЕТ *пам.* алакет; *жан аракет менен иштеди.*

АРАККАНА *суз.* арак сатылып же дайыма ичиле турган жай, орун; араккана мэйлис арак ичип жатып өткөрүлгөн кеңеш, жыйын; *араккана мэйлисте «мен бир өлөң айтайын мындай кылып: тегирменден чыккан ундай кылып» деп ырдап кирген.*

АРАККОР *батк.* ичкич, пиянкеч; *араккорлор бүт чогулуптур.*

АРАКӨЛ *өзг.* 1. туш – тушуна жол тараган жердеги кичине көлчө; 2. жердин аты; *кичинемен чоңойгон аракөл жерим Өзгөндө.*

АРАКСАВЫН *өзг., суз.* бети – кол жуучу жыттуу самын; *араксавынга гириптер болуп калыпмын.*

АРАКСАВЫНДА *өзг., суз.* арак

самында; *араксавындап жуун, «жакшы болсоң колуңа казан–айак, жаман болсоң башыңа күндө тайак».*

АРАКТУW *лейл.* үйдүн ичине коюлган арак жыгачы бар бөлмө; *бир үйүнү арактуw кылып салыптыр* (к. арак I).

АРАКЧЫН *түшт.* баш кийимдин бир түрү (Түндүк райондордо бул кийилбейт, түштүктө калпактын ичине кийилет); *аракчынды байкавайт, арва дешке жаравайт.*

АРАКЫ *зам.* атыр самын; *аракы менен үз жуwган.*

АРАЛА *ыск.* өсүмдүктүн аты; *арала деген бир бычан чөп бар.*

АРАЛАШ: **аралаш–куралаш** *лейл.* баш – аламан; *аралаш–куралаш койо бер.*

АРАЛГЫ *тыньш.* чечен, сөзмөр; *шаардан окуганга аралгы болуп калыптыр.*

АРАМ: **арам кайтарган** *жерг.* бир нече аял алган адамдын эң улуусун элге аралаштырбай, элге көрсөтпөй, үйгө камап коюп, өмүр өткөрүү адаты; **кокуй арам** *түнд.* ыраазы болбой, чочугандыкты билдирүүчү сөз; *бу эмнең, кокуй арам!*

АРАМЗА *лейл.* 1. жалкоо; *эки арамза дос болвойт* (мак.); 2. *түнд.* кытмыр, митаам, арам ой; *арамза–алтоо, акыл–жетөө* (мак.).

АРАМПОЗ *лейл.* ичи арам адам; *кара паашанын колуда кичине дүкәрт бар экен, өзү арампоз да.*

АРАМПӨӨШ *ыск. к.* арампоз; *арампөөштүн аты арывайт.*

АРАМУРЗА *батк.* бышып жетилбей куурап түшкөн жемиш мөмө; *арамурзаларын терип келип дәмдә.*

АРАМЫ *зам.* 1. ойнош; *жазгы буwдай гарамы, жаз ойнодук арамы;* 2. никесиз төрөлгөн бала; *арамы деп үйгө камайт.*

АРАМЫЗА *жерг. к.* арамыза; *арамызанын куйругу бир түтам* (лакап).

АРАП: **арап чөп** *ыск.* чөптүн бир түрү; *арап чөпкө семиртет* (бул чөп менен жылкы бат семирет имиш).

АРАПА *пам., тал.* орозо башталардан бир күн мурда өткөрүлүүчү сый тамак; *биздин жерде арапа болот.*

АРАРА *жерг., миф.* тиги дүйнөнүн багы; *арара деген багы бар, анда бети айдай, бели кымча кыздар бар.*

АРАС I *чүй.* душман, жолтоо; *ачуу – арас, акыл – дос, акылыңа акыл кош* (мак.).

АРАС II *жжол.* жан талашып оокат кылгандык; *кыркыйып арас кылдым.*

АРАСАТ *өзг., суз., ичк.* 1. эки анжы, күмөн; арсар; *аркаңда калды балдарың, араста болду кылганың;* 2. арабөк; *менин билишимче, Асан арасатта калды;* 3. *пам.* ара жол, ортолук; *экинчи ойун–арасат.*

АРАЧЫК *жжол.* теңме тең; *«кыз бала дартын апасына, эр бала дартын атасына айтат», сен өкөwүгө арачык айт.*

АРАШАН I *ыск., кочк.* 1. дарылык үчүн малдын сан этинен же канаттуунун этинен мала даам туз татытып, аябай эзилте кайнатып жасаган тамак; *арашан ичип айыктым;* 2. *түнд.* дарылык касиети бар ысык булак; *оргуштап арашан суу чыгат, биз барып киринебиз.*

АРАШАН II *пам.* өсүмдүктүн аты (бул чөп дары катары пайдаланылат); *арашан таап кел деп жөнөттү.*

АРАШАНЧЫ *пам.* дарикер киши; *арашанчы: «биз келдик кәрвән болуп, кәрвәнгә айран болуп» дейт.*

АРАШУХ *жерг.* тиш – тиш келген зоока (мындай жерден анчылар көбүнчө өнүт кылышкан. Шух тажикче аска деген сөз); *кышында ара шухтан өтүп кеткен.*

АРБА *батк.* карагайдан тосулуп жасалган короо; *арба, торсун, гиләс, кәллә дейвиз.*

АРБАСТА *кашк.* калтыра, титире; *арбастап турат, шуга бир иләәжи кылыш керек.*

АРБОЗ *чүй.* солто уруусунун бир тобу; *арбоз, байастан дечү эле.*

АРВА, АРВАҢ I *түшт., ккырг., тал., чатк., зам.* 1. аялдар бири – бири менен, же эркектер менен учурашууда айтыла турган салам сөзү; *ә–ә, Нурмат үкәм, арваң!;* 2. *пам.* тынч, соо; *ат үстүндө арва дейт.*

АРВА II *пам.* арбак; *арва – герден, алп – энеден, нарк – атадан* (мак.).

АРВА III *чүй.* араба; *бир арвадан түшүрүп атат.*

АРВА IV: **арва–парва** *өзг.*, тиги – бу: *арва–парва боло электе жөнө.*

АРВАГАЙ *батк.* бөй сыяктуу жандыктын бир түрү; *шыптан бир арвагай түштү.*

АРВАЙ *батк.* арбак; *арвай аткыр, билевисиң, Булак–Башы дегенде булак башы, бүлөө болор Аркыттын жакшы ташы*; **арвай ур** *ал.* 1. кудай ур; *арвай уруп көөп кетиптир*; 2. *пам.* чочуп өкүнүү, тыңчсыздануу сезимин билдирүүчү сырдык сөз; *арбай ур, шундай да иш болову.*

АРВАК *жерг.* ар убак, дайыма; *кыздар арвак кәмзур кийет.*

АРВАЛАҢДАК *ал.* арбайган, тартайган; *путу арваланҕдак болот, тартаңдап жүгүрөт.*

АРВАП *жерг.* илгери зекет, караж ж.б. салыктардын салынышы, жыйылышы өңдүү иштерди каттап – чоттогон катчы адам; *арваптыкөргөмбүсүң, көргөндө тааныйвысың?*

АРВАТ *өзг.* колукту, зайып; *Мырзанын арваты бизге келип кетти.*

АРГАМЖАН *суз.* аркан; *отуз метир аргамжанды сатып келди.*

АРГАМЖЫ: аргамжы тосуw *жерг.* күйөөгө чыккан кызды көчүргөндө жолун аркан менен тосуп, ал үчүн тыйын, же бышкан эт, боорсок ж.б. алганда гана жол бошотуп берүү жөрөлгөсү; *боз балдар келинге аргамжы тосуw* (түндүк райондордо бул жөрөлгө «аркан тосмой» деп аталган) *кылат*; **кәнәп аргамжы** *түшт.* кенеп аркан; *кәнәп аргамжы үзүлүп кетти.*

АРГАМЖЫЛАН *түш., чүй.* аркандал; *аргамжыланып турган уйду бошотуп живерди.*

АРГЕЗ *лейл.* ар убак; *аргез, мойну бир гез, чакырса келбес, пийәдә жүрбөс* (таб. чылым).

АРГУЛ *жерг.* кыялы бузук адам; *аргул адам экенсиң, катып алсаң, калем кашын карап ал.*

АРГУН *түшт.* аргын мал; *кәттә кайрагачтын жанында аргун жүрөт.*

АРГУЧ *жерг. к.* аргыч; *мен аргучка түштүм.*

АРГЫН: **аргын ээр** *чүй.* ээрдин бир түрү (кээде ал «кыргыз ээр» деп да аталат); *көтөргөнү аргын ээр, кадырына жетер бекен – деп сурайт.*

АРГЫЧ, АРГЫШ *жерг.* өзбек, тажикче бий; **аргыч ат** тажикче бийле; *аргыч атып ойнойттор* (Жерге – Тал тарапта тажик, кыргыз аралаш айылдарда тажикче бийлөө, дутар чертүү, тамбур кагуу кеңири тараган. Ал эми тажиктерге кыргыздын кээ бир жөрөлгөлөрү сиңген).

АРДА *жерг.* 1. кысыр эмди; *бир ардавыз бар* (сал. каз. арда «жаба кунан»); 2. кысыр калган бодо мал; *сыйрывыз арда калды* (түндүк райондордо «кысыр, кысыр эмди» деген сөз колдонулат).

АРДАЙ I *жжол.* уруунун аты; *баргыдан сансыз, сансыздан ардай, мөнөк.*

АРДАЙ II *өзг.* арданчаак; *ал ардай чәркәштик кылды.*

АРДАНАЙ *атб.* одурайган – содурайган адам; *арданай кыз экен.*

АРДАП *нар.* 1. таруу, арпа талкандан кыламык кылып, ооруп айыккан адамга жаңыдан оокатка аралашарда бериле турган тамак; 2. *лейл.* ундан жасалган суюк атала; *бу ардап – кандай ардап, ичип көрөйүн*; 3. *зам.* шылдыраган суюк тамак; *аш кылып бердиң ардаптай.*

АРДИ *жжол.* ар нерсе, ар деме; *ар ким арди айтты, мен «әәбашта десең әә баштайын, күлүк аттай әә таштайын» деп баштадым.*

АРДЫК *пам.* бук, чаалыккандык, чарчагандык; *жолду көп басты, жакшы, уктасын, ардыгы чыксын.*

АРЖАЛАҢДА *батк.* ыржылаңда, ыржылакта; *аржаланҷдавай жөнүрөөк басчы.*

АРЖУВАР *жерг. к.* айжуваз; *капка салып аржуварга жеткиревиз.*

АРЗАВА *ош.* дуу, даңаза, даңк; *үйүнүн арзавасы жыл маалына созулду.*

АРЗАВАС *жерг., батк., лейл.* 1. убара, түйшүк; *арзавас менен агам*; 2. *лейл.* кумар, ынтызар; *жакшы иштейин деп арзавас кылат.*

АРЗЫ *пам.* арыз; *ар жерде кылва арзы, шо жерде йам бар таш менен тараза* (мак.).

АРЗЫМАЛ *ичк.* арзуу, ыраазы болуу; *арзымал эдем мен сизге.*

АРЕЛЕШ *жжол.* жаңгак менен жаңгакты атышып, утушуп ойной турган оюндун аты; *арелеш ойнойт, чарчайт, анан уктап калат.*

АРИЙНЕ *кочк.* 1. ий ботом; 2. сөзсүз; *арийне, гарып жолун байлайт*; **арийне–марийне** *лейл.* ал – бул, ана – мына, тиги – бу; *арийне–марийне менен озбойт экен, күнүгө беш–ондон кооздойт экен, болгондо алтын астоw, күмүш казык, баргыча акретке тозбойт экен* (таб. сөз, эрин, азуу, тиш).

АРКА I *түшт.* 1. Кыргызстандын түндүк райондору (Ысык – Көл, Чүй, Тянь – Шань, Талас тарап); *Анжияндан аркага барат*; 2. түндүк райондордо жашаган эл; *арканы кыдырып кеген адам эде*; 3. *лейл., жерг.* туталак (оорунун аты); *жооштун аркасы тутуп уруштy*; **аркама арка** *батк.* 1. бири – бирин көрбөй арка салышкандык; *аркама арка отурвай, бетме–бет сүйлөш*; 2. куйрук улай, арт жакта; *аркама–арка келатат*; **аркасы жукарды** *батк.* жону жукарды, арыктады, алсырады; *онун аркасы жукарды, кыйналды*; *аркасы түзүк болуп калыптыр батк.* эт алып, жон алып оңолуптур; **арка–бериш** *чүй, өзг.* сөөк – тамыр; *арка–бериш жер экен, барганда эле жыргап калдым*; **ит арка** *түнд.* 1. иретсиз, оң – тетири болуп калгандык; *боз үйдү чечип ит арка кылып салыптыр* (сал. каз. итарка); 2. *өтм.* бири – бири менен урушуп, тытышып, коркутушуп калгандык; *ал экөө ит арка болуп жүрөт*; **кам арка** *батк.* арка териси бышпаган мал (мингич); *атың кам арка экен, жоор болуп калды*; **кол арка** *батк.* чакмак таш ойнунда ыргыткан таштарды колдун аркасы менен тосуп алуу фазасы; **аркасы менен** ◊ *зам.* жөлөк – таяктуу; *аркасы кенен жүрө берет.*

АРКА II *батк.* арсыз, алыс; *энелүw эрке жетим, аталуw арка жетим* (мак.).

АРКАК *пам.* товар, кездеме (сал. тув. аргыг, аргак «кездеме»); *«падышамын» кийгени орустун берген аркагы*; **ак аркак** *түшт.* 1. жибек жип аралаштырылып токулган кустардык товар; 2. *жерг.* эриши кара, аркагы ак жибектен токулган аял кийими (бул кийимдин

жакасы тик, жеңи узун жана үч жагы чүштүгүйүрөөк келип, өзү көөлгүп кең жасалат. Муну айт күндөрүндө кийишкен); 3. *пам.* сайманын бир түрү; *ак аркак–кештенин бир түрү*; 4. аркагы ак жиптен согулган чепкен; *ак аркак чепкени бар*; 5. боёлгон ак тон (сейрек); **гилем аркак** *өзг.* пахтадан бошураак жоон кылың ийрилип, эки катталып жасалган аркак жип; *«ашыңды бергин душманга, душманың калсын арманда»* (мак.) *деди гилем аркакты кәләптәп*; **терс аркак** *түнд.* күүнүн аты; **аркак орогуч** *лейл.* аркак ороло турган 50 – 60 см. узундуктагы таякча (муну менен килемчилер аркакты эриштин ортосунан улам өткөрүп турат).

АРКАЛА *жерг.* 1. арка салышуу; 2. *этн.* кыз – күйөө бут басышардан мурда аркаларын тийиштирип туруу, отуруу жөрөлгөсү; *өкөwү аркалап отураттар, ичким тоскол кывайт.*

АРКАЛАМАЙ *түнд.* чикит ойнунда таякты (энесин) аркага алып туруп балакайын чабуу учуру; *аркаламайы калды, анан бар.*

АРКАЛАШ *жерг.* арканы тийиштирүү; *аркалашып отурбай жөнө.*

АРКАЛАКЕЙ *жжол.* сол колдун манчаларын биринин үстүнө бирин кабаттап туруп, анан жерге коомайлап коюу, үңкүрчөдөн таштарды бирден өткөрүп чогултуп, анан чогуусу менен алуу фазасы; *аркалакейди сокудан кийин алат.*

АРКАЛЕКЕЙ *түшт. к.* аркаламай; *аркалекей бүттү, энди сүдүрө.*

АРКАЛУW *жерг.* 1. жөлөк – таяктуу, колдогону бар киши; 2. желкеден кармай турган оору; *балаң аркалуw болуп калыптыр.*

АРКАЛЫК *түшт.* 1. түндүк райондордо жашаган эл, адам; *аркалыктардан келген адам көп болгон* (Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Кыргызстандын түштүк райондорунда иштеген адамдар); 2. *түнд.* төрт бурч келип, жука металлдан жасалган кооздук (муну кыздар тагынышкан); 3. *жерг.* кеп чачтын арка жагы; *тиши оwруп, жээги шишип кетиптир, аркалыкты ондой алвай койду*; 4. *пам.* кыз узаарда чачка тагуу үчүн ар түрдүү кооздук берүү жөрөлгөсү; *эне, аркалыкты унутуп койсок не болот?*; 5. бир нерсенин аркасына, жонуна коюлуучу нерсе; *ата, аттын аркалыгын эмнеден койовуз?*; 6. *жерг.* аркага коюлуучу жастык; *бешикке аркалык койуптур*; **аркалыктын бүркүтү** *түшт.* түндүк райондордо жашай турган бүркүттүн бир түрү; *аркалыктын бүркүтүн баккамын.*

АРКАН: арканга жүн куват берет ◊ *батк.* аркакка эриш жалгоо; **аркан салды, аркан тартуу** *ыск.* моюнга аркан салып, чаттан өткөрүп тартышып ойноо ойну; *аркан салды тартышкан* (бул оюн көбүнчө Текес тараптагы кыргыздарда кеңири тараган. Оюн төмөнкүдөй ойнолгон: мойнундагы арканы бар балбандар жерге чөгөлөшүп, төрт аяктап жер тырмалап тартышкан. Эл болсо «тарт – тарт» деп кыйкырып турушкан. Ким белгиленген чектен сүйрөп чыкса, жеңиш ошонку болгон); **аркан тосмой** *түнд.* кызды күйөөгө жөнөтөрдө эшиктин алдын бир нече адам аркан менен тосуу жөрөлгөсү (бул үчүн акча алышкан); *аркан тосмойдо канча сом бердү эле?*

АРКАҢКЫ, АРКАҢГЫ *жерг., чатк., лейл., өзг.* арткы; *аркаңкы кишини айтып кой.*

АРКАҢЧА *батк.* тетири; *аркаңча баспай оң бас.*

АРКАР: **ак аркар** *пам.* аркар –

кулжа; *ак аркарды кайып дейт* (Памирде аркар – кулжа «ак аркар», эчки – теке «кызыл кийик» деп аталат); **кырк аркар** *жерг.* ыр менен аткарылуучу күүнүн аты (анын тексти төмөнкүдөй):

Белестен мылтык сунгучам,
Безип ко кетти кырк аркар.
Бекер го болуп келгеним,
Белгисиз болду кеткениң.
Аскадан мылтык сунгучам,
Качып кетти кырк аркар.
Адам өткүс зовканы,
Ашып кетти кырк аркар.
Пайлап туруп келсемчи,
Әдәвинди берсемчи.
Ак параң менен атсамчы.

Аскага жетпей жатсаңчы; **аркар жатыш** *пам.* биринин жамбашына бири баш коюп, куйрук улай катар жатуу; *аркар жатыш кылып жатып алышыптыр.*

АРКАРЧАК *пам.* үч жаштагы аркар; *аркардын жашы бирде болсо — козуга, экиде болсо – бодо, үчтө болсо — эки тишти аркарчак, төрттө болсо — төрт тишти аркар, беште болсо — алты тишти аркар, алтыда болсо — тегерек тишти аркар, жетиде болсо — гез кайтарган аркар деп бөлүнөт.*

АРКАШТЫР *ош.* учкаштыр; *аркаштырып алган жаш баласы бар.*

АРКИНДИК *ыск.* жүдөө, начар, кичине киши; *аркиндик эме экен го.*

АРКЫТ *түнд.* ышталган териден ийленип жасалган идиш; *аркытка суйук бирдеме куйушкан да.*

АРМАН: **алдуwдун арманы** *пам.* бир уядан балапан да чыгат, сасыкты да чыгат деген маанидеги идиома; **жетим кыздын арманы** *түнд.* багар – көрөрү жок, талаада калган кыз жөнүндө темир комуз менен кагылган мүндуу күү; *жетим кыздын арманын черткен менен ким туйат?*; **Айкүмүштүн арманы** күүнүн аты; *Айкүмүштүн арман жай, созулуңку мүнөздөгү күү*; **арман кокуй** *пам.* 1. майда нерселерге капаланган кейикчээл киши; *ол адам—арман кокуй*; 2. *түнд.* бир нерсеге ыраазы болбой кейигенде айтылуучу сырдык сөз.

АРМАҢДАШ *батк.* алыш – бериш, актыш; *Каратигин менен Зардалы армандаш болгон.*

АРМАНТ *жерг.* намыс; *о йәм барат, сенде армат барвы?*

АРМӘЖӘӘЛИ *өзг.* эргежээл; *сендей армәжәәлинин кимге пайдасы тийет?* (түндүк говорлордо «эргежээл» деген сөз колдонулат).

АРНЕҢКЕ *өзг.* ардеме; *арнеңкени айта берип, башты ооруттуң.*

АРПА: **ак арпа** *суз.* арпанын бир түрү; *эки гектар кара арпа, беш гектар ак арпа эгилди*; **алты кыр арпа** *батк.* алты кыры бар арпанын бир сорту; *алты кыр арпа оргондо кол алышсак арман жок*; **буwдай арпа** *батк.* буудай сымал тоголок келген арпанын бир түрү; *буwдай арпа оргонго жөw барчу эдек*; **жүндүw арпа** *жерг.* кылкандуу арпа; **жылаңач арпа** *ыск.* кабыгы жука, муруту жок арпанын сорту; *тетиги көрүнгөн жер—жылаңач арпа эгилген жер эле*; **жырым арпа** *түнд.* даны кичирээк тоголоораак келген арпанын сорту; *чайдан ичип, жырым арпанын загырасын жеп кете берчүвүз*; **кара арпа** *батк., өзг., зам.* өңү карамтыл, муруттуу арпанын сорту; *кара арпа эккенде., биз үйдө жок болчук*; **көк арпа** *жерг.* даны толук, кылкан муруту жок арпа; *мөктүн жериге көк арпа болот*; **саман арпа** *жерг.* даны толбогон катиңки ичке арпа; *Лахшынын арпасы – саман арпа*; **сот арпа** *жерг.* эки кыр арпа; **кылкансыз арпа** *батк.* кылканы жок арпанын

бир түрү (бул арпа Ысык – Көлдө «жыланач арпа» деп аталат); *кандай үкәләр, кылкансыз арпа дегенди көрдүңөрбү?* **муруттуу арпа** *ыск.* кылканы узун, даны сүйрү келген арпанын сорту; *сен да муруттуу арпанын билбейсиңби?*; **олоң арпа** *түнд.* даны сүйрү келген арпанын бир сорту; *сууну көп койо берип, олоң арпа айдалган жер желип калган*; **тактек арпа** *суз.* кодура арпа; *назар тийди өзүмө, темене тийди көзүмө, тактек арпа көрвөсөң, көрсөтөрмүн көзүңө*; арпа көжө *к.* көжө; **арпа көз** *к.* көз; **арпа күрүч** *к.* күрүч.

АРПАКАН *батк.* сулуга окшош келген, түшүмдү мол бере турган, кайракка эгилүүчү арпа; *колхоздун арпаканы жакшы.*

АРПАЛАШ *базк.* алышып, күрөшүп ойноо; *арпалашып ойносом, ачылбас көңүл чал менен.*

АРПАЛЫК *батк.* арпа айдоочу жер; *арпалыкка барганда атылып өлгөн карышкыр.*

АРПАНА *өзг.* жолдош, теңтуш, курбу; *дайыма арпанаң менен жүр.*

АРПАХАН *жерг., түшт.* 1. жапайы өсүмдүктүн аты; *арпаханнын наны көкмөк болот*; 2. *суз.* арпанын бир сорту.

АРПАЧЫ *түнд.* таранчы чымчыктын арпа бышкан мезгилде учурган балапаны; *чымчыктын балапанын учурган мезгилине карап: арпачы, буудайчы, тарууч деп бөлөт.*

АРС *өзг.* ар чычкан; *биз жакта арс аз болот.*

АРСАЛДАЙ *тал.* акмак, келесоо, жеңил ойлуу; *аай, ары жок, сен бир арсалдайсың да.*

АРСАН *жерг.* арпанын унунан жасалган нандын бир түрү; *арпанын унунан арсан жасалат* (сал. карлуктарча да «арзан» деп аталат).

АРСАҢ *пам.* ыржактагандык; *арсаң бир урсаң күлгөн.*

АРСЕК *лейл., өзг.* ченден тышкары эркелеген чыргоо бала; *бава, бул арсектериңди ал*; **арсек бала** *к.* бала.

АРСЕКТЕ *лейл.*, чыргоолоп эркеле; *арсектей турган киши.*

АРСЛАН *жерг.* арстан; *ток доңуздан ач арслан* (мак.).

АРСТАН: **отуз эки бек арстан** *жжол.* күүнүн аты; *отуз эки бек арстанды Нийазаалы черткен дешет.*

АРСТАНА *өзг., жжол. к.* 1. астана; 2. үстүңкү босого жыгач; *арстананы сүзүп алды;* **арстанасын аттавайм** *өзг.* үйүнө кирбейм, үйүнө барбайм; **арстанасын көр** *өзг.* үйгө кир, үй менен тааныш.

АРСУР *өзг.* күмөн, эки анжы, арсар; *арсур кылвай ачыгын айтпайсыңбы.*

АРСЫ I *жерг.* чоң балканын бир түрү; *арсы менен урат дейт.*

АРСЫ II *тыньш.* арыс, арс; *арсы ичик жасатканга тогуз жыл болду.*

АРСЫГЫК *ош.* халаттын бир түрү; *арсыгык, амбыр ыраңда, нонок, рәйис деген сөз бар.*

АРТ I *пам.* 1. ашуу; 2. тоонун бели; *шол артты ашканча түн кирип кетти* (тув. арт «ашуу»); **айык арт** *пам.* 1. аюу өтө турган ашуу; 2. ашуунун аты; *Айык Арт, Кан – Терек, Кызыл – Тоw, Гүмбөз деген жерлер бар* (бул жерлерде илгери ичкиликтер жашаган); **кара арт** 1. күңгөй жагы дайыма карарып жаткан ашуу; 2. ашуунун аты; *кара артты ашып, бүгүн биздикиге мийман келет*; **көк арт** 1. жонунда көк чопосу бар ашуу; *көк арттан бери карай суу агат*; 2. жердин аты; **кызыл арт;** *күнгөй тарабы кызыл чопо, кызыл таштуу ашуу*; 3. ашуунун аты; *ээ, балдар, согуш мезгилинде кызыл арт менен каттадык*; **улуг арт** *пам.* чоң, бийик ашуу; *ашуунун аты Улуг – Арт,*

Сөксөөл, Кызыл – Ой, Куш – Уйку, Сакал, Жойулган деген жерлер бар (бул жерлерде илгери ичкиликтер жашаган).

АРТ II: **арта салма** *жерг.* 1. устун; *шып, астана, айван, жам, сыйыр, арта салма деп айтат* (Ысык – Көлдө «устун», Чүйдө «кары», Лейлекте «сутум» деген сөз колдонулат); 2. *атб., батк.* басмайыл; *чериктер арта салма дешчү.*

АРТАЙЫЛ *жерг., пам.* 1. жүндөн жасалган сызма басмайыл (ээр токулгандан кийин тартылат); *артайыл пышык экен*; 2. *өзг.* малдын курсагынан тартыла турган ич басмайыл; *ылдыйыштан артайыл үзүлүп кетти*; **жип артайыл** *жерг., пам.* сызмадан жасалган басмайыл; *жип артайылды сүдүрөп кетиптир*; **жүл артайыл** *пам.* жүлдөн жасалган артайыл; *жүл артайыл жүлдөн жасалат* (кооздолуп жасалган сызма басмайыл); **жороп артайыл** *пам.* кадимки таардай согулуп жасалган басмайыл; *Үрүнса, жороп артайылды таап келчи*; **ички артайыл** *пам.* жип басмайыл; *ички артайыл кыл жиптен болот*; кайыш артайыл *пам.* булгаары териден жасалган басмайыл (жип артайылдын үстүнөн тартылат); *ата, кайыш артайылды берейинби?*; **күмүш артайыл** *пам.* күмүш чөгөрүлүп жасалган басмайыл (жип артайылдын үстүнөн тартылат); *менин күмүш артайылым бар беде?*; **тышкы артайыл** *пам.* кайыш басмайыл; *тышкы артайыл кайыштан болот*; **чывыр артайыл** *пам.* ортосуна сайма сайылган сызма басмайыл; *биттә чывыр артайыл берген эдем.*

АРТЕЙИЛ *өзг. к.* артайыл; *артейилди тарта сал, койлордун биттәсин сатып келейин.*

АРТУW *жерг. к.* арт; *мен артuwдан ашып келдим.*

АРТУМАРЧА *ыск., тяньш.* үч бурч оюунун бир түрү (бул оюу «табак оюу» менен «жүгүртмөнүн» ортосунда болот. Көбүнчө шырдактын орто ченине, же четине салынат); *ал уvакта артумарча салынчу.*

АРТЫНЧАК *түнд.* малга жүктөлгөн же адам өзүнө таңып көтөргөн жүк; *артынчак – үртүнчөк көтөрүп, мойнуң жоорудуу беле?*

АРТЫНГЫ *лейл.* арткы; *«чакмак, чакмакты атка берген акмак»* (мак.) *деп артынгысы келди.*

АРУ I *жерг.* кыйналуу, кысталуу; *ару тартат ко, шонтсе йәм олор бүтүн айылга бараттар.*

АРУ II *өзг.* аары (кээ бирдее «әйри» болуп да айтылат. Чүйдө «айры» түрүндө, Ысык – Көлдө «аары» болуп кезигет); *«кары кыздын түшунда таң атпайт, таң атса да кеч кирбейт»* (мак.) *дейт колдун аруга чактырып.*

АРУУ *түшт.* 1. көзгө конок конуп, чел басып калуу; *көзүн аруу басты*; 2. *түнд.* тил – оозун чайнап, эси ооп калган оорунун аты; *аруусу кармап талып жатат*; 3. *өзг.* жин оорусу менен ооруган кишини дубалоо үчүн ак материалды тилип – тилип, кыбыла тарапка илип коюп, көчөт көчүрүү ырымы.

АРУУРКА *чүй.* аруу оорусу кармоо; *бала аруурkап калгандыр.*

АРЦА *баткч.* арча; *арцадан болгон көмүр онову көрүнгөн.*

АРХАРА *жерг.* өсүмдүктүн аты; *архара, мырза терек өсөт.*

АРЧА I *жумг.* майы чыгарылып алынган сүттүн куруту; *арча кайнатуу дешет.*

АРЧА II: **жапалак арча** *түнд.* тоо – ташка жайылып, жерге жабыша өскөн арчанын түрү; *жапалак арчадан далай жолу сүйрөп түштүк го*; **жетим арча** *батк.* арчанын бир

түрү (кыска, топ болуп, тикенектүү өскөн арча); *towdon кайтарыңда жетим арчадан бирди ала гел*; **кыс арча** *жжол.* таштын жаракасына чыгып, бою өспөгөн, жоонойбогон арчанын бир түрү; *кыс арчадан кесип келиптир*; **how арча** *жжол.* арчанын түз чыккан бир түрү; *how арча түс чыгат*; **живек арча** өңү кызгылт, жылмакай келген назик арчанын бир түрү; *живек арчага барам деген увәдәңә тур*; **катын арча** *атб.* тикенектүү келген арчанын бир түрү; *катын арчанын күлү асмайга жаравайт*; **балка арча** *зам.* бутактары кыска, салаа – салаа келген жыттуу арча; *балка арчадан чий чыкпайт*; **көмүр арча** *зам.* өңү карамтыл, жалбыректары түп – түп, жоон, кыска келип, жерге жабышып өскөн арча; *көмүр арчанын ысы сасык окшогон болот*; **кызыл арча** *чүй.* арчанын бир түрү; *кызыл арчаны кыйган менен түгөнбөйт*; **кара арча** *зам., жерг., ноок.* арчанын бир түрү; *Катырчыда кара арча бар* (Ысык – Көлдө «жапалак арча» деп аталат); **наз арча** *батк.* жибек арча; *наз арча эгиз өсөт*; **өрүк арча** арчанын өзөгү катуу, чымыр келген түрү; *өрүк арчадан камдап аваса бойвойт*; **сары арча** *ал.* арчанын бир түрү (жалбырагы суйдаң, өңү саргыч, өзү морт болот); *сары арча бош болот*; **совур арча** *батк.* арчанын бир түрү (бул арчанын өңү ак чангыл болот да, тике, жоон өзөк алып бийик өсөт); *совур арча – арчалардын мырзасы, өзөгү кызыл, бәрки даны майда, ыстуw болот.*

АРЧАГЕНДИК *алб.* илгерки бир уруунун аты; *арчагендиктей болбой түз иште (*улама боюнча илгери – илгери бул уруудан чыккан айрым баёо адамдар туз эгип, илегилек кушту «намангандын кудайы бизге келип калган тарбайбы» деп ага айран берүүгө аракет кылып, башы бактын бутагында калгандыгы; үйүндө чырак турса Касан – Сайга от издеп баргандыгы тамаша иретинде айтылат).

АРЧАН *батк.* кыйла, көп, узак; теги эле; *ому дәрийә арам болвос, арчан иттер сийген менен*; *жаман адам жакшы болвойт арчан өмүрү өтүп карыган менен* (мак.)

АРЧАЛАЙ *өзг.* арчадан жасалган нерсе; *«бир сугур суw ичсе, миң сугурдун сувсуну канат»* (мак.) *деди арчалайды кармалап.*

АРЧЫ *сул.* 1. саан азайган кезде бир нече үй биригип, уйларын өз ара бир – эки күн бирөө, дагы бир – эки күн экинчиси, анан үчүнчүсү саап, сүтүн, майын жыйып алуу жөрөлгөсү; *эки үй менен арчы кылдык*; 2. *кочк., түшт.* айрандан бышып бөлүп алган май; *айран бервей арчы жыйнайт* (сал. тув. ааржы «айран»).

АРЫ *жерг., суз.* 1. чарчоо, чаалыгуу, азуу, жүдөө; *жерден арып чыгат, онон ашык болдум гәвиңә деп шашып чыгат*; 2. *сүл., терг.* өлүү (көбүнчө жаш балдар, кары адамдар көз жумганда «өлдү» деген сөздүн ордуна колдонулат); *онун баласы арыптыр.*

АРЫГА *жжол.* ары; *арыга карап бош үн катты.*

АРЫК I *зам.* уруунун аты; *беш урувдун кәттәси – арык, кийгени чарык* (элдик акыйнектен, заминдик «арык» уруусу: сәк, сүт эмген, ит эмген, боз көз деген топторго бөлүнгөн).

АРЫК II: **жетим арык** зам. кичине кол арык; *сүлүнүн жетим арыгын ондоп кой*; **канде арык** *түшт.* терең казылган чуңкур арык; *канде арыкка курган ак жувазы боло турган*; **кол арык** *ыск., тяньш.* чукул жерге чабылган кичинекей арык; **кон арык**

жерг. бийик жердеги суу токтотуп жыя турган өстөн арык; *элең–элең, элең келер, этек–жеңин жыйа келер, кон арыкка коно келер, коктунун сувун иче келер* (таб. бөрү); **арыгын чаппа** ◊ *суз. таламын талашпа, жагынба.*

АРЫКЧААР *батк.* 1. арыкчырай; *арыкчаар киши келет, онон косек көргөнү баравыз*; 2. *түнд.* өзү арык, өңү чаар киши.

АРЫКЧЫ *батк.* 1. мурап, көкбашы; 2. *түнд.* арык чабууда иштеген киши; 3. *өзг.* жазгы жумуш башталган кезде куда болгон баланын ата – энеси кыз жакка кандайдыр бир союш алып келип берүү жөрөлгөсү; *«кел келиге келгенде келинден мурун кыз тувват, ал алыга келгенде аталага тиш сынат»* (мак.) *ондон көрө арыкчынды бер.*

АРЫЛТ *базк.* тазалоо, отоо чөптү жулуп таштоо; *пахтаны отоо чөптөн арылтат.*

АРЫМДАШ *пам.* жүргөн – турганы бир; *аргымак атың арымдаш.*

АРЫНС *жерг.* арыс чычкан; *бир бәләәси болвосо жолдо куйрук жатавы, ону арынс көрөвү?*

АРЫП *тторо., кул., нар., акт., атб.* амал, айла, куулук, митаамдык; *«эр душманы–катыны, койнунда жатып билинбейт, эр жарагы–камчы, колунда жүрүп билинбейт* (мак.) *дейт, арып экен, ошону да айтты.*

АРЫПТУУ *атб.* амалкөй, айлакер; *арыптуу неме түлкүдөй.*

АРЫСКӨЙ *чүй.* арызчыл; *арыскөй адам тура, калп эле «баш иштевесе бутка күч келет»* (мак.) *дейт.*

АРЫСЫГЫК *түшт. к.* арсыгык; *арсыгак жеңи.*

АРЫТ *пам.* 1. түгөт, бүтүр; *жорго жолду арытат, жокчулук эрди карытат* (мак.); 2. *жжол.* көз чаптыруу; *көпүрөwдүн айак–быйаган арытып карап келди.*

АРЫШ: **арыш–коруш** *түнд.* кошумча, аралаш; *арыш–коруш кылып аралаштырып живердик.*

АС I *чүй, тяньш.* аз; *ас–ас мингизип үйрөтүп койду.*

АС II *жерг.* түк, эч, такыр; *ас мени каравай калыпсың.*

АС III *түнд.* көнүл чөккөндүк, капа; *көңүлү ас болуп калса кантет?*

АСА I *чүй.* аза; *аса карывайт, алтын чиривейт* (мак.).

АСА II *жерг.* жек – жаат; *мына о жерде бу үйдүн асасы.*

АСА III: **аса–буса** *ыск.* көздү өйдө – ылдый кылып карап калуу; *сакалын сербейтип аса–буса карап калды.*

АСА IV: **аса–муса** *лейл.* 1. жыгач өсүмдүгүнүн бир түрү (Баткенде бул өсүмдүк «гүлсөwгер» деп аталса, Ысык – Көл, Чүйдө кээде ал «ит мурун» деп да айтылат); *«көкүрөктө болвосо көк ийне пакыр канетсин»* (мак.) *деди аса–мусасын тыкылдатып* (диндик түшүнүк боюнча бул өсүмдүктүн таягын таянып жүрүү сооп болот деп эсептелген. Өзү катуу, бек болот, оңой менен чирибейт); 2. *суз.* күндүн жаасы (Ысык – Көлдө ал «жез кемпирдин желеси», «күндүн кулагы» деп аталат).

АСАЛМАС *жерг.* 1. өсүмдүктүн аты; *асалмас шу бекен, эвлиге экөө өсөр беде?*; 2. *түшт.* жүрөк ооруну дарылоо үчүн колдонулуучу дары; *асалмас жасап жатып «ата балага күйөт, бала өз баласыга күйөт» деди.*

АСАН I *өзг.,ар., батк., зам. к.* асант; *асан эле алдым, өзүм отуз сәккизге чыктым.*

АСАН II: **асан–үсөн** *батк., лейл.* күндүн жаасы (кээ бир жерде «аксак кемпир бапалак» деп аталат); *асан–*

үсөндү карап «ит жыйыны бирикпейт» деп мәтәл айтип калды.

АСАНТ *лейл., зам.* оңой, жеңил; *ондой болсо асант экен.*

АСАР I *батк.* таң эртең менен; *асар бердиң бир галдай, сагынып жедим бир нандай.*

АСАР II *кашк.* арсар; *Жакып асар болуп турат.*

АСАСТУW *зам.* негиздүү, кызыктуу; *эң асастуw ойун шол болот.*

АСАТ I *кашк.* эрк, азат; *асатың барвы, алма, жүзүм алавысың?*

АСАТ II *жерг.* саржан; *рәйис әйтти ки, асатты тап деп.*

АСАТ III: **асат–үсөт** *батк.* ыр – пыр; ана – мына; *асат–үсөтүң менен эшикке чык!*

АСАТ IV: **асат уруп койгон** *өзг.* ысык уруп, өспөй калган нерсе.

АСЕЛ I *өзг., батк., жжол.* бал; *аселди жакшы көрөмүн.*

АСЕЛ II *кашк.* шат, шайыр; *алтын супа такта бол деп көңлү асел.*

АСЕР *үй.* таасир; *теги асери барвы, кеч калганда жардамы болову?*

АСИЛ *тал. к.* мумуйа; *«иче турган кудукка какырба да түкүрбө» деген ал асил болот, катып ал.*

АСИП *кашк.* адеп; *ай көрүнгүс бакта бол деп асипсиз болво.*

АСИР *батк.* иңир түшкөн учур; *асир болгондо да кой көрүнбөдү.*

АСИРЕТ *лейл.* арман; *«өнөрүң болсо өргө чап, тоошуң болсо туура чап» деген асирет кылва.*

АСКА *ичк.* акса; *мал кишини аскатпайт* (мак.).

АСКАК *жерг.* тулга; *«болбогонго болушпа, какаганды бек мушта»* (мак) *деген, ондон көрө аскагың кана?* (Сузак жакта «асма», Памирде «можу», Ысык – Көлдө «тулга» деген сөз колдонулат).

АСКАТ *жерг.* аксат; *кишини киши аскатат.*

АСКЕ *жерг.* татынакай; *канга кавар айтты ки, аске экен деп.*

АСКЕЛ *акт., тторо.* ангек; *«авысын бычакташат, күнү кучакташат»* (мак.) *дейт, аскелди каза бер* (кээде «кандек» деп айтылат, Ысык – Көлдө «ангек» деген сөз колдонулат).

АСКОЛКАП *үй.* бүркүттү колго кондурганда кийүүчү колкап; *«жаман менен тең болсоң, жарты этегиң бок болот»* (мак.), *асколкавыңды ыргыт.*

АСКУРТ *жерг.* үбөлөнгөн нерсе; *аскуртту алып тәштә.*

АСКЫЛЫК *ыск.* асуучулук; *курулай казан аскылык кылбасын.*

АСКЫН *жжол.* он беш жашка чейинки балдардын бетине түшүүчү ак темгил; *бетке түшүүчү, желеленген ак нерсе, дарыласа жок болуп кете, аскын.*

АСКЫНДА *түнд.* алсыз тартуу, жүдөө; *жүдөп аскындап кетиптир.*

АСМА *үй, жумг., тторо.* чай тулга; *«чаң созулат тамандан, жакшылык келбейт жамандан* (мак.), *бар асманы алып келе кой.*

АСМАЙ *ыск., үй, тяньш., тал.* насвай; *авышкалар асмай атат.*

АСМАК *батк.* бир нерсе асып коюуга ылайыкталган зат; *чалмек бирдеке асып койуwчу асмак.*

АСМАН *атб.* биттелген теке, кочкор; *«бар качааган тутулат, жок качааган кутулат»* (мак.) *дейт, асманын кайда, бар беле?*

АСМЕЙ *атб. к.* асмай; *асмей атпайт.*

АСОО *лейл., үй.* азоо; *асоо бээни кармаймын деди.*

АСПЕТ *батк.* аяр; *«арпа–буудай аш экен, алтын–күмүш таш экен»* (мак.), *аспет кыл.*

АСПЕТТЕ *батк.* аярда; *баштын эмгегини аспеттейт.*

АСПИ *лейл., жерг.* жылкы жыл; *«жамандын айагы сегиз, телегейге*

тийет тегиз» (мак.) *туwулган жылы – аспи.*

АСПИЙЕТ *тал., жжол.* көңүл буруу, бөпө кылуу; *«напси балээ келтирет, сукту чычкан өлтүрөт»* (мак.) *деген экен, аспийет кыл.*

АСПИЙЕТТЕ *тал.* бөпөлө; *оо, кишини кыйын аспийеттейт.*

АСПУРУШ *жерг., өзг.* ат сатып кызыл кулактык кылган адам; *аспуруш киши кевептир.*

АСПУРУШТУК *зам.* жылкы алып сатарлык; *ол аспуруштук менен кесип кылат.*

АССИНИЙ *жерг.* жарыбагыр ий; *«ат ownаган жерде кыл калат»* (мак.) *деген, ассиний*!

АССОЛОМАЛЕЙКУМ *жерг.* өсүмдүктүн аты (кичинекей, ичке, үч жалбырак ала турган өсүмдүк, бүгүн үзсө эртеси эле кайра чыгып калат, өңү агыш көк, отоо чөп); *ассоломалейкумга ит ашы кара буламык дегендей өсө берет.*

АСТ *жерг.* түк, такыр, эч; *аст дәрдәги жок; аст фаамдаваймын* эч түшүнбөймүн.

АСТА *түшт., тыньш.* 1. акырын, жай; *адам болуу аста–аста, акмак болуу бир паста* (мак.); 2. түк, такыр, теги, теги эле; *жокто жеген торкону токто унутпа, ачта жеген торкону аста унутпа* (мак.).

АСТААКИ *жерг.* акырындап, аярдап, жайлап; *астааки дувалдан түшөт.*

АСТАГАНДАЙ *ыск.* жотосунун жоондугу чийдей, чуркаганы жеведей, ак – карасы астагандай, байкаганы балээдей (*таб.* сагызган).

АСТАЙ *тоң.* абдан, өтө; *биздин сөздү астай кунт койуп укту.*

АСТАЙДИЛ *ичк., түшт.* чын көңүл менен, чын мээр менен (берилип иштөө, алкоо ж.б.); *астайдил туруп иштесин* (сал. таж. астойдил).

АСТАЛА *өзг.* жайлап акырындоо; *асталап барып токтоду.*

АСТАН I *түшт.* 1. босого, босого аяк; *астан өйдө дувалдарга килем илинген*; 2. иреге, иреге жак; *астанага отуруп алыпсың.*

АСТАН II *батк.* акырын, жай; *эшикти астан жап, отур, гәп ур.*

АСТАНА *лейл., жжол., батк., тал., өзг. к.* 1. астан; *шалчаны жайа салды эле астанага жете түштү*; 2. эшик терезенини кашеги; *эшиктин астанасыга сөйкөнбө*; 3. *өзг.* иреге; *астанага турвай төргө өтпөйсүңбү*!

АСТАНДА *батк.* акырында, жайла; *пәйиз астандап калды.*

АСТАР *түшт.* ичилик; *палтонун астары жетпей калды* (таж. остар); **ички астар** *тал.* чапандын ичилиги; **конч астар** *батк.* кончтун ичилиги.

АСТАРЛА *түшт.* ичте (кийимге ич салуу); *төшөктү астардап кой, пакат эстен чыкпасын.*

АСТАРЛУУ *түшт.* ичтүү кийим; *астарлуу чапан экен, мени йәм кий деп жүрвөсүн.*

АСТАРЛЫК *түшт.* ичилик үчүн жумшала турган материал; *магазинден астарлык алдым, өзүңө йәм айттым го.*

АСТЕ *түшт. к.* аста; *көз кыйыгын асте таштады.*

АСТЕЙДИЛ *түшт. к.* астайдил; *астейдил сүйүп калган окшойт.*

АСТЫ *түшт.* түбү, теги; *асылсам да асты колум жетпеди.*

АСТЫР *пам.* асты; *«жалгыз үйдүн ашы эрмек, жаагы менен башы эрмек»* (мак.) *астырыңды кара*; **астыр жак** асты жак; *астыр жагы жип деве, балага йәм, кызга йәм үстү–башы болот.*

АСТЫРКАН *тал.* тамекинин бир сорту (бул тамеки көк түстө болот, жалбырагынын өзөгү жоон келет, тизгенде ошол өзөкчөдөн ийне

өткөрүлүп тизмектелет); *«жаз кийгенин кыш кийип, жарды кайдан байысын» дегендей астыркандан башканы тартпайсыңбы?*

АСЫ *пам.* ыйык нерсени жаңылыш айтып алгандык; *сен бирөөгө гүнәкәр асы болдуң беде?*

АСЫВАЙ *ыск. к.* асмай; *гемпир, келе асывайыңды, бир тартайын.*

АСЫГАТ *өзг.* кадырга жетүү, үмүт актоо, керекке жароо; *шул жетим сага асыгатат.*

АСЫЙ *сүл.* мал майынын бир топ күн сызгырылбай туруп, чыбырчыктап эрип калышы; *койдун куйругу асый болуп калыптыр.*

АСЫЙА *ыск., чүй.* насыя, карыз; *кээси асыйа сатат, кээси ак сатат.*

АСЫК *чүй, тыньш., тал., жжол.* азык; *куурмач буудай асык болот экен.*

АСЫЛ I *түшт.* түшүм; *эгиндин асылы көп болду.*

АСЫЛ II: **бир асыл** *кочк.* комуз күүсүнүн бир түрү (бул күүнү Калык Акиев черткен деп эсептешет); *бир асыл деген күүнү уккамын.*

АСЫЛАТ, **ХАСЫЛАТ** *батк.* 1. башкарманын орунбасары; *асылат богондо күндө ырайонго каттап жүрдүм*; 2. участок башчысы; *ар учәскәдә бирден асылат болот.*

АСЫЛАТТЫК *батк.* башкарманын орунбасарлыгы; *үч жыл асылаттык кылдым.*

АСЫЛБАШ *чүй.* илгерки солто уруусунун бир бөлүгү; *асылбаш, шалтаны ким билбейт.*

АСЫЛЫЙ *чүй.* асыл, кымбат; *асылый атам өттү деп артыңдан балдар күйүнгөн.*

АСЫН *жерг.* сырдык сөз (каргап урушканда айтылат); *эй асын, балам, кыганың шуву?* (кудай урган, жерге кирген деген маани ге жакын).

АСЫНА *чүй.* азына; *«итке нават таштасаң таттуулугун биле алвайт, жаманга жардам кылсаң жакшылыгың биле алвайт»* (мак.) *деп эле асынат.*

АСЫР I *тал., чүй.* азыр; *асыр, шашпа, «чегирткенин алын көр да, канын сор» деген сөз бар эмеспи.*

АСЫР II *түшт.* «шамдан» мурун окулуучу намаз; *асыр менен шам окуйт.*

АСЫРАН *тал.* 1. асыранды; 2. адамдын аты; *«айтка барсаң ачка бар, тойго барсан тойуп бар» деген, сен асыран белең?*

АСЫРТАН *тал., чүй.* азыртан; *«тартып өптүң–жел өптүң, сурап ичтиң–суу ичтиң», асыртан мыкты бол.*

АТ I *жерг., пам., батк.* өс, өн; **чечек атты** – гүл чыкты; **өсүмдүк атты** – өсүмдүк чыкты; **тамыр атат** – тамыр байлайт, тамыр чачат; *тамыр атат, жерди бузат*; **көз ат** *өзг.* көз сал; *көчкө көз атып турдук*; **таш ат** – таш ыргыт; *көгүчкөнгө таш атыпкалдык;* **атыр ур** *түшт.* таш менен ыргыта уруу; **атып кетип өлүү** *ыск., эск.* сокур ичеги болуп өлүү; **атып качмай** *лейл.* качма топ ойну; *атып качмайга кызыгып, кеч киргенин билвепмин.*

АТ II *түшт.* 1. айгыр; 2. *түнд.* бычылган гана ат (ичкиликтерде «акта ат» деп аталат); 3. *ыск.* эркектикке жарабай калган адам; 4. чүкө ойнунда кезек алуу үчүн калчоого чыгарылган сака, же чүкө; *ат калчап ойногула*; **ат калчоо** *түнд.* чүкө ойнунун алдында саканы калчоо фазасы; *ат калча, ат калчасаң бат калча*; **ат каңтар** *жерг.* чикит ойнунда баласын бийик көкөлөтүп чабуу фазасы; *«буйруваган ашка тиш тийвейт»* (мак.) *дейт, ат каңтарда кантээр экенсиң*; **ат кармар** *жерг.* жуучуга келгендердин атын же көлөчтөрүн кыз тараптагы жеңелер коюп, акча алгандан кийин кайра

кайтарып берүү жөрөлгөсү; *«бир бөдөнүн гөшүгө кырк найман кол жуwуптур»* (мак.) *дейт, ат кармады мол бере веде*; **ат келет** *чүй.* кыл кыяктын күүсү; *«казга теңелип карганын чаты айрылыптыр»* (мак.) *дейт, ат келетти чалып көрсүн*; **ат кетти** *чүй.* кыл кыяк күүсүнүн аты; *«ууруну үйгө киргизбе, көчүгүн жерге тийгизбе» деген* (мак.), *ага ат кеттини үйрөтпөй эле кой*; **ат чуватуу** *чүй.* кыл кыяктын күүсү; *өзүмсүнгөн катындын тулчулук берсин жазасын, менменсинген катындын бешик берсин сазасын» деген, ат чуватууну тартып көрсүн*; **ат оолатуw** *жжол.* кыз – күйөөгө ника кыйылгандан кийин үч күн бою үйдө жатуу жөрөлгөсү; *үч күнү кыз атасыныкында ат оолатуw болгон*; **ат өтпөс, ат суратар** *жерг. «жоктун ырымы көп, таалайы жоктун тавышмагы көп» дейт, ат өтпөстү билип ал*; **ат салва, атаңа ат салва** *ичк.* атаңа катуу айтпа, одоно сүйлөбө; *онову атасыга ат салып сүйлөдү*; **ат түзөтүw** *пам.* ат таптоодо моюн терден кийин башталуучу фаза (ат сууткудан кырк – элүү күн өткөндөн кийин эки ай бою ат дайыма жылуу жабылып, күнүнө беш – алты пияла жем, беде, жонгучка, галимуч өндүү ширелүү чөп берилип багылат. Ат бир орундан көп жылдырылбайт, көп минилбей откозуу, сугаруу, тароо дайыма бир мезгилде жүргүзүлөт. Атка чаң жугузулбайт); **ат чап** *пам.* ордо ойнунда сака калчоо; *дагы ат чават, анан ойун башталат*; **ат чапты** *жерг., этн.* жаңы келин айылга жакындап келгенде анын атын жеңелердин бирөө коштоп күйөөнүкүнө чейин чаап келип, кабар айтып, аттан түшпөй туруп, кандайдыр бир сый алуу жөрөлгөсү; *«өпкө катыктыгынан каалгыйт»* (мак.) *дейт, ат чаптыны жарытпады*; **атка минердей күчү бар** *сүл.* алдуу, бирок жалкоо; **ак ат** *батк.* кызыл ат (түндүк говорлордо жылкынын өңү ак болсо «кызыл», иттин өңү ак болсо «куу, кува» деп айтылат); *ак ат минип, шише арак ичип акмак болду*; **атты койуп төwдү мин** *батк.* шашка ойнунда аттын ордуна төөнү жүр деген маанидеги сөз; **әнжим ат** *ал,* ээр токум менен ат, ээр токумдуу ат; *әнжим ат минбей жайдак кел*; **жайдак ат** *пам.* чакмак таш ойнунда таштарды өйдө ыргытып колдун арты менен тосуп, анан кайра ичине кайрып алуу фазасы; **жыгач ат** *жерг., өтм.* **табыт**; *күйругу жок, жалы жок, жыгач атка мингизет*; **кайырма ат** *пам.* бурак ат; *кайырма ат кайда экен?*; **калмак ат** *батк.* оор жүк ташый турган буту – колу жоон ат; *калмак ат, кулун, гунан дейвиз*; **кәрик ат** *ичк.* майрык, тайтак буттуу ат; *бизде бир кәрик ат бар әде*; **өткүл ат** *жерг.* чалпоо ат; *өткүл аттын эгерине көрпө /к./ току*; **сәмән ат** *лейл.* сар тору ат; *сәмән атты кантарып кой*; **чавар ат** *өзг.* чабышка түшүүчү күлүк ат; *чавар аттар жыйылат*; **ат багар** *ош.* атчы; *ат багар жолугуп калып сүйлөштүк*; **ат абайы** *өзг.* аттын башына тагылуучу кооз жасалга; *биздин боз кунанга ат абайы тартуу кылган*; **ат абзел** *жжол.* ат жабдык (ат абзелге: нокто, жүгөн, күмүш жүгөн, өрмө жүгөн, кайыш жүгөн, беш өрүм жүгөн, жети өрүм жүгөн, тогуз өрүм жүгөн, сайма тердик, кайыш тердик, кийиз тердик, өмөлдүрүк, ээр токум, куш баш ээр, орус ээр, талас ээр, каптама ээр, көрпөчө, того, басмайыл, бышtaң, үзөңгү, канжыга, жааз, ичмек, жалпооч, кулакчын, үртүк, дикек, коңгуроо, күмүш камчы, өрмө камчы

кирет); *ат абзелин камда, «сырын билбес байталдын сырт жагына жолово» деген сөздү унутпа*; **ат айдакчы** *пам.* тойдо ат чабышка кошулган аттарды айдоочу киши; *«тагдыры жок мөлмөлгө таарынган менен бепайда, буйругу жок мөлмөлгө муңайган менен бепайда» деген, ат айдакчы боло кой*; **ат айран кымыз;** *ат айраны, кой гөшү–амалы жоктун оокаты*; **ат айыл** *зам. к.* артайыл; *ат айылың берк бекен, жигит?*; **ат алышмай** *өзг.* ордо ойнунда сакоо калчоо; *ат алышмай таштоодо, акыркысын баштоодо*; **ат байгелүү болсун**! *ыск.* карта ойнунда утушту каалоого карата айтылган тилек сөз (кээде «уулуңар утсун!» деп да айтылат); **тору кашка ат, кокуй** *түнд.* илгери кедейдин жалгыз аты өлүп калып, жөө калгандыгын баяндаган кыяк күү; *тору кашка ат, кокуй дегенди чертти утуп эле отурдум*; **ат боройун сыдыр** *ыск.* жер койбой кыдыр, аңтарып – теңтер; *ат боройун сыдырып жаны тынбаптыр*; **ат жал, ат жалы** *жерг.* 1. ат жабуунун моюнга келе турган кооз бөлүгү; *ат жалды оңдоп «ат алсаң–минип ал, айал алсаң–сүйүп ал, энесини көрүп төрүгө өт» деген мәтәл әйтти*; 2. *пам.* чикиттин баласын союлдун баш жак учуна туурасынан коюп бир аз серпе берип чабуу фазасы; *ат жалыны шундай чапты ки, зувулдап учуп кетти.*

АТ III: **аты жаман** *суз. терг.* чыйкан, сыздоок; *аты жаман кетпей койду.*

АТ ТЕСКЕРИ *түнд.* тергегенде айтыла турган сөз; *ай түгөнгүр, жанакы ат тескери ким эле?*

АТА, АТАНЫ I *түнд.* чочуганда айтылуучу сырдык сөз; *ата, кантесиң, көзүңө эчтеке илинбейби?!*; **атаны, кокуй, сексен сом** *арман күүнүн бир түрү; кедей байга сексен сом таап бере албай койуп, атаны кокуй сексен сом деген күү чыгарган экен*; **ата фам** *жерг.* сырдык сөз (урушуп жемелегенде «наадан, унутчаак» деген мааниге жакын айтылат); *ата фам экенсиң, чайдын шамасын төкпөйсүңбү?*

АТА II: **атандын башы болгур**! *жерг.* атаңдын башы, жерге кир; **айлансын ата баласы** *алб.* айланайын; **ата безери** *ичк., түшт.* атасынан тануу, атадан чыгып кетүү; *ата безери бетиңди карабаймын*; **ата–бува** *өзг.* 1. ата – баба; 2. урук, тукум, уруу; *ээ, тай, биздин ата–бувавыз – бостон*; **ата куват** *баткч.* атаке; *ата куват, кайда барасыз?*; **кәттә ата** *түшт.* чоң ата; **ата кыл** *батк.* ээлик кылуу; *куда мээнетти ата кылса кантесиң?*;

АТА III *жжол.* 1. топонимикалык жана этнонимдик аттарда учуроочу сөз; *баш тилесең – Бава–Атага бар, мал тилесең – Пача–Атага бар, тозсоң – Тосту–Атага бар* (мак.); **беш ата** *пам.* уруунун аты; *тору айгыр, чыла, колчок, беш ата, баштык, чөw кызыл айак кыпчакка кирет*; 2. пир; **дыйкан ата** *ыск.* баба дыйкан; *курсагын тойгуза албаган дыйкан ата*; **карасан ата** *түшт.* эчкинин пири (түндүктө чычаң ата); **кынтык ата** *суз. миф.* кыргоолдун пири; *кыргоолдун атасы–кынтык ата*; **шывыр ата** *жжол.* чычаң ата; *эчкиникин шывыр ата дейт.*

АТААКЫ *чүй.* самсаалак нерсе; *атаакы тон кийген адам.*

АТАВАЙ *тяньш.* атаке; *атавай, өмүр бойу жаныңда жүрөйүн.*

АТАГА *лейл.* илгерки уруунун аты; *ат чавышта байгени атагалар алышты.*

АТАЖАН *түшт.* атаке; *мен балаңа ачууланба, атажан.*

АТАЙ I *жерг.* атаке; *атайым түйуп калвасын.*

АТАЙ II *пам., терг.* үзүк; *атай алтоw, тотой жетөw* (таб. үзүк жана түндүк боолор).

АТАКЕ: атаке татывас *атб.* 1. жашык эттүү малдын жаңыдан оңолуп келе жаткан учуру; 2. *тоң.* жетер – жетмексен, болор – болмоксон, анча канагаттандырбаган; *атаке татыбас бирдеме берди го.*

АТАКЕВАЙ *ыск.* атаке; *атакевай, эмне десеңиз, ошону кылайын.*

АТАКЕЙ *кашк.* 1. абаке; *алтындан живек кәләвә кыйды бекен, атакей?*; 2. *тал.* атакей; *атакей, бул эмнеси?*

АТАКЕНАЙ *ыск. к.* атакевай; *атакенай – атакенай деп эле отурат.*

АТАКЕЧ *чүй.* сырдык сөз (таң калуу сезимин туюндурат); *атакеч эй, мурун да ушундай болот экен ээ!*

АТАКТАЛ *жерг.* атан; *атакталып кетти, кечиндеси миймәнгә келсең, айтып берем.*

АТАКУЛ *зам.* уруунун, топтун аты; *атакул тову дос төвөл, сакалы жок боз төвөл.*

АТАЛА I *сок.* бозо сүзгөндө колодонулуучу жыгач (Алай тарапта «аталга» деп аталат); *«жакшы бала тил алчаак, жаман бала уйалчаак* (мак.), *атала менен бир салчы.*

АТАЛА II *пам., жерг., түшт.* арпа, буудай, жүгөрүнүн талканынан коюураак кылып, ачытылбай гана муздатылып ичилүүчү тамак; *кел – келине келгенде, келинден мурун кыз туwат, ал – алына келгенде аталга тиш сынат* (мак.); 2. *батк., өзг.* ундан жасалган суюк жарма; *аш оңойу – атала, иш оңойу – пайтама* (мак.); 3. буламык, ботко; 4. *жерг.*, чикит ойнунда жеңилген баланы мөөрөтүү үчүн чикиттин баласын бир гана чаап учуруу фазасы; *«курутту көргөндө куw кәлдәдән суw агат»* (мак.), *аталада зуwулдайсың*; **ачык атала** *ноок.* максым, ачкыл; *ачык атала бербесең болвойт*; **курут атала** *куруттан эзип жасаган атала*; **гүрүч атала** *туз салбай жалаң күрүчтү гана сууга суюк кылып бышырган тамак* (муну ысыкчан оорулуу адамга беришет); *орuwу ысык экен, гүрүч атала берип туруң*; **док атала** *жерг.* 1. «докту» кайнатып, умач же ун кошуп бышырган тамак; *док аталаны муздатып кой*; 2. каймагы алынган айрандын суюгу кошулган атала; *бир жаңкәп унду док аталага септи*; **жарма атала** *жерг., өзг. куурулган буудайды сокуга жанчып, катыктап жасаган тамак*; **жuwган атала** *батк.* майы аз кара бороң жасалган атала; *майы аз болсо, жuwган атала дейвиз*; **жүгөрү атала** *түшт.* жүгөрүнүн тартылган данынан жасалган тамак; *жүгөрү атала ак көвүктөдү*; **жылма атала** *жерг. ундан жасалган атала бар эде*; **суйук атала** суйук кылып жасалган атала; *суйук атала ичип чыктым*; **сүмөнөк атала** түктөлгөн буудайдан жасалган ботко; **талкан атала** тегирменге тартылган жүгөрү талкандын аталасы; *талкан атала чөп чапканда ичилет*; **тарык атала** акталган таруудан чала жанчып жасалган атала; *тарык атала ичиштүw болот*; **умач атала** унду нымдап, тоголоктоп бышырып, катыктап жасаган атала (бул көбүнчө орозо маалында көп жасалган); *умач аталаны көп жасайт*; **атала ваш** *түшт., пам.* 1. казанга тыйын таштап, аны тиштеп чыгуу ойну (бул оюн революциядан мурда колдонулуп келген. Сегиз, он – он эки карыш чоң казанга төрт эли бөксө суу куюп ысытылган, ага ун чалынган, анан насывай кошулганда, түбүнө тыйын

таштaлган. Атала вашка чыккан киши жылаңачтанып, башын сууга салып, тиши менен тыйынды тиштеген. Тиштеп чыкса, дилде, казан, соорун алат. Оюн маскарапоздук менен өткөрүлүп, бир топ же уруу экинчи бир топту, же урууну шылдыңдоо үчүн жүргүзүлүп келген. Азыр бул оюн ойнолбойт); *эңиш, күрөш, атала ваш, төw чечмей болгон*; 2. *батк., өтм.* акылы аз, чалагайым; *о аталаваш, нени билет эде.*

АТАЛГА *жерг.* 1. ээрдин конулун, кепичтин оюгун чаба турган аспап; *аталган кайда, ону маңа бериң?*; 2. *тяньш.* аталгы; *бозо сүзөлү, аталганы алып кел.*

АТАЛГЫ *түшт.* 1. керкинин бир түрү; 2. *ыск., тяньш. к.* аты; *«айылды алалык бузат, араны каралык бузат» дейт, аталгыңды берип турчу.*

АТАЛЫК *лейл.* 1. адамга акыл берип, акыл кошкон адам; *аталыгы атала*; *гүрүч атала, жылма атала, умач атала болот*; **загыра атала** *өзг.* жүгөрүдөн жасалган атала тамак; *загыра атала, док атала дейвиз*; **зиркөw атала** майга унду кууруп жасалган атала; *онун ичи оwруган эде, зиркөw атала кылдым*; **кәчә атала** *жерг.* кант кошулуп таттуу кылып жасалган атала; *кой, козу, токту, кәчә атала деп жаздырдым*; **кесме атала** *жерг.* суу кесме (буга док катыктап, ысыкчан адамга берет); *кесме атала кылып ичтим*; **киндик атала** *жерг.* киндик кескен аялды меймандап тамак берүү жөрөлгөсү; *киндик аталасын бериптир;* **кош атала** кош чыгар мезгилде мал союп, же жөн эле тамак жасап, бир канча кишилерди чакырып, аларга берип, жер айдатуу, күл же топурак чачтыруу жөрөлгөсү; *токту кочкор сойуп кош атала өткөргөн*; **көчө атала** *жерг. к.* сүмөлөк; *көчө аталаны новрузда новат кылып ичишет*; **куwрума атала** *жерг.* унду казанга кызытып, анан суу куюп бышырган атала; *шишектин майына куwрума атала кыл*; куwрума атала *жерг.* куурма чай; *куwрума атала, тарыг атала, май атала болот*; **курут атала** *батк.* курут эзилген атала; *курутту эзип атала куйса, курут атала дейт*; **кыйма атала** майда тууралган эт аралаштырып жасалган тамак; *жусактын гөшүдөн кыйма атала жаса*; **май атала** 1. куурма чай; *койдун майыга битке май кошуп май атала кылдым* (сууктап кеткенде май атала берилет); 2. *батк.* жалпы эле майлуу жасалган атала тамак; *май аталага майды көп кошот*; **мәкә атала** *түшт.* мекенин данынан тартып жасалган жарма; *ичериме бергени – мәкә атала*; **сапырма атала** *батк.* унду куурбай жасалган атала (сал. жылма атала); *сапырма өлүп калган*; 2. насаат сөз; *сен аталыкты жакшы эле уктуң го*; 3. *тар.* кокон хандыгынын мезгилинде хандын кеңешчиси; *онову көрүнгөн илгерки кокондук аталык – айлы экен.*

АТАМИ *батк.* садаган кетейин, айланайын, кагылайын деген мааниде колдонулуучу сырдык сөз (бул сөз Баткендин Бөжөй участкасында Самаркандек айлы тараптагы «сарымсак» тобунда активдүү колдонулуп келген); *«атами, адам кулагыдан, айван туйагыдан аксайт» дегенди* (мак.) *билип жүр.*

АТАН *чүй.* кыраан, алгыр бүркүт, куш; *алар атанын гана издешет.*

АТАНА *жжол.* уруунун аты; *атанага барсаң «айылга айтса ашат, короого айтса кошот» деген мәтәл айтат.*

АТАҢ I *жерг.* чийненин бир бөлүгүнүн аты; *атаңды берип «саа аргы булут кызарса Самарканды жоw*

алгандай, кечки булут кызарса келиниң үйүл туйтандай» (мак.) *деди.*

АТАҢ II: **атаң дебе** *суз.* аттиң дебе; *«жээн эл болвойт, желки аш болвойт»* (мак.), *онон атаң деве.*

АТАҢ БАШ *тоң.* атаңдын башы (сырдык сөз); *атаң баш деп чочуп кетти.*

АТАҢ КӨНӨЧАЙ *тоң.* атаң көнөчайын; *бо атаң көнөчай, азыркы балдар – текенин өтү.*

АТАРАП *жжол., зам.* ар тарап, айлана тегерек; *атараптагы мәкә оролуп бүткөн.*

АТАРГАВАР *жерг. к.* атахавар; *атаргавар, чикилик, чар терек, жугузмай, шамга жат ойундарын билем.*

АТАХАВАР оюндун аты (эркек балдар чогулуп алып, айлана сызып, анын дал ортосуна бирөөнүн такыясын коюп, ээсин кайтартып, анан баары тең сызыкты тегерене чуркашып, «атаа...хавар» деп кыйкырышып, такыяны сызыктан чыгара тебүүгө аракет кылышат. Такыянын ээси тептирбөөгө аракет жасайт. Такыяны тебээрде «шәш эле шәш» деп бири – бирин шаштырып, аны сызыктан чыгара тебишсе, ээси кармагыча тебе беришет. Ээси кармаганда дароо «тыфой шәкәрәк» деп, башка бирөөдөн мурун такыясын коёт. Эгер беркилер мурун айтса жана чаптырбаса муруңку бала кайра такыясын коёт).

АТАШ *суз.* 1. көсөө; *аташ менен отту ичкертевиз*; 2. *жерг.* от, чок (сал. таж. оташ; от, жалын, чок»); *аташты кармап «кәмпир менен чал жатат, кейиш менен таң атат; жигит менен кыз жатат, жыргал менен таң атат» деген мәтәл әйтти*; 3. тез, бачым, чапчаң; *шонун келини аташ экен, тез кыймылдайт.*

АТАШКЕРЕК *өзг., лейл. к.* аташкүрөк; *аташкерек менен отту ондоду.*

АТАШКӨРӨК *өзг. к.* аташкүрөк; *аташкөрөк менен ичкерт.*

АТАШКӨСӨ *тал. к.* аташкүрөк; (Чүй, Ысык – Көлдө «от кычкач», Кыпчыкей деп аталат); *«аталашым аттан түш, энелешим эгерге мин»* (мак.) *дегендей аташкөсөөүн көрсөтөт.*

АТАШКҮРӨК *өзг.., тал.* от кычкачтын бир түрү (муну менен чок кармалат. Ал эми кычкач түштүк райондордо башкача формада болуп, устачылыкта – отко күмүш кармоо үчүн колдонулат. Аташкүрөктүн ар кыл түрлөрү болот да, ал үйдө от жагууда пайдаланылат); *отту аташкүрөк менен ары–бери жайды* (сал. таж. оташгүрөк).

АТАШКЕР *пам., өзг.* от кычкач; *«өлүмүш да талымыш, өпкөсүн сууга малымыш» болот* (мак.), *аташкерди тап.*

АТЕ *кочк.* сырдык сөз; *ате, уул болвосоң койо кал.*

АТЕЙ I *тал.* атайы; *мен сага атей келсем, сен кайда баратырың ?*

АТЕЙ II *түнд.* сырдык сөз; *атей, кызык адам экен*!

АТЕЙИ *тал. к.* атей; *тамга атейи койулган шады ле.*

АТЕК *жжол.* чочуганда айтыла турган сырдык сөз; *атек, ал эмне кылып жүрөт?*

АТЕШКҮРӨК *тал. к.* аташкүрөк; *атешкүрөктү козгоп өгүз өлдү, орток айрылды деген макалды айтып, ойго кетти.*

АТИВЕС *батк.* эшик салынганда анын туура же туура эмес коюлгандыгын билүү үчүн колдонулуучу аспап; *ативести козгово «түн бала турнага жем»* (мак.) *дәптир.*

АТИНИ: **атини–патини** *лейл.* балдардын тым – тырс ойну; *дувана*

таарынса куржунга зыйан (мак.) *атини – патини ойной бер.*

АТБАШЫ: **атбашы ботом** *түнд.* чочуп кеткенде айтыла турган сырдык сөз; *атбашы ботом, ошо дардайган эмени кантип алдасын.*

АТГУЛ *жерг.* сыйлык; *жакшы иштесең атгул аласың.*

АТКАКТА *өзг.* чоң – чоң кере арыштап, жүгүргөн сымал болуп басуу; *аткактап салган бойдон жүрүп кеттик.*

АТКАРЧЫЛА *түнд.* чүкө ойнун аты конгон адамдын башташы; «*айда айыл, жылда коңшу болвос*» (мак.), *аткарчыла.*

АТКЕЗ *ыск.* контрабанда (бул мааниде көбүнчө көл башында, өзгөчө 1910 – 1920 – жылдар ортосунда көл тараптан апийим жыйнап, Кытай тарапка алып барып, мата ж.б. буюмдарга өткөрүп пайда табышкан адамдардын кесибине карата колдонулган).

АТКЕЗЧИ *ыск.* илгери апийим менен жашыруун соода кылган адам; *чек ара бүзган аткезчилер да болгон.*

АТКЕЗЧИЛИК *ыск.* аткез ишин кесип кылуучулук; *аткезчилик кылып чек ара бузууга тыйуу салынган.*

АТКЕЧ *өзг.* ат менен жүк ташыган, же бирөөнү бир жакка жеткирген адам; *аткеч башта бирөөнү жеткирген экен.*

АТКӨЛ *ыск.* минген ат жүк – мүгү менен; *аткөл аман – эсен келдиңби?* (көбүнчө алыстан келген адамга учурашканда айтылат; сал. тув. аат хөл «ат. жүк».)

АТКУУ, **АТКУУР** *тяньш., ыск.* эт оодарып эт чыгаргыч буюм (кыска эмчектүү темир буюм, сабы бар, башы жайпак); «*орозодо көчкөн эрмек*» *дептир, аткуур менен оодарып тур.*

АТКЫ I *түнд.* куш, бүркүттү аңга салар алдында анын ичин тазалоо үчүн жемсөөсүнө туздуу суу куюучу жыгач түтүк де жорунун жилиги; «*жарым күндүктүн көңүлү кош*» (мак.) *болбой аткы менен тазала.*

АТКЫ II *тяньш., түшт. к.* «*бегиме тийди, мен билдим*» (мак.) *аткыңды ал, кете бер.*

АТКЫЙ *чүй.* 1. көкүрөк – башын ачып далдаюу; *аткыйган катындар отурушат*; 2. олурай; *эки жагын аткыйып – аткыйып тиктеп койот.*

АТКЫЛАҢ *жжол.* өтө мыкты аткыч; *Алайдан келген алты каз, аткылаң мерген ата албайт.*

АТКЫЛЫК I *жерг.* мылтыктын огу тие тургандай аралык жер; *аткылыктай жерден барып ата албай калыптыр.*

АТКЫЛЫК II *ыск.* атуучулук; *андай чоң немени аткылык кылбасын.*

АТКЫРМАЙ *батк.* чакмак таш ойнунда улам өйдө ыргытылып тосулуп алына турган таш; «*бөдөнө бечел, кыргоол чечен*» (мак.), *аткырмайың тос.*

АТКЫЦЫЛ *баткч.* аткычыл; *әдис болгон аткыцыл мерген.*

АТМАЙ: **атмай – жемей** *жерг.* чүкө ойнунун бир түрү; «*ойундун азы жахшы, ойноорго дагы жакшы*» *дептир, атмай – жемейди токтотолу.*

АТМАЙЫ *суз. к.* ат йагы. шаптоолу.

АТПАЙ *түнд.* жалпы, бүт; *атпай журтүн даң кылган.*

АТПУРУШ *жжол.* ат алып сатар кызыл кулак; «*актын иши айланбайт, айланса да байланбайт*» (мак.) *деген, ол атпуруш оңолбойт.*

АТРАП *өзг.* түш тарап, айлана; *атравы жык толгон эл.*

АТТА I *батк.* кап (сырдык сөз); *атта, кечигип калганымды көрчү!*

АТТА II: **атта-бутта, ала бээни жытта** *пам.* чикит ойнунда оюнду бузуп жаңылдыруу үчүн айтыла турган сөз; *«оңкого ок тийвейт, ок тийсе да оң тийвейт»* (мак.) *атта-бутта, ала бээни жытта.*

АТТАКАНА *чүй.* ат такалоочу устакана; *«тоотпогон токмок башына да тийет»* (мак.) *дейт, аттаканага киргизе кой.*

АТТАН: **аттан айгыр** *пам.* айгыр (айгыр деген сөз Памирде айгыр жана ат деген эки мааниде колдонулат да, көпчүлүк жерде айтылган ат деген сөз учурабайт); *аттан айгыр минбей кел, досум.*

АТТАНГО *жерг.* ата ий (сырдык сөз); *аттанго тәртип деп жүрүп өлүп кетсем не болот?*

АТТАҢГАНАТ *сүл., батк.* атаганат; *аттаңганат деп энди айтат.*

АТТОПОЗ *ыск., жерг.* коньяк; *аттопозду билбейсиңби, ал конйак.*

АТТЕҢ: **аттең чиркин** *түнд.* оор улутунуп өкүнгөндө айтылуучу сырдык сөз; *аттең чиркин, мурун болсочу* (ушул эле мааниде «аттигининай, аттигиниң десең» деген сөздөр да колдонулат).

АТТИШ *түнд.* 1. мык суура турган аспаптын аты; 2. *өзг.* от көсөөч; *аттиш жасаганды билчү әле.*

АТТОW *пам.* аттоо; **бир аттоw** мөөрөй ойнунда каракчыны жыга койгон адам алга карай бир кадам жылуу фазасы; **бир ыргып, бир аттоw** ошол эле оюнда кызалакты жыга койгон адам бир кере секирип, бир аттоо фазасы.

АТТООЧ *батк.* аттамак; *аттоочтон секирип өтөт* (түндүк говорлордо «аттамак» деп аталат).

АТТУW *жерг.* аттуу; *беш аттуw, бешөw тең кашка аттуw* (таб. беш салаа жана анын тырмактары); **атуw-жүйөw** *өтм.* эгиндин бирин – серин баш алышы; *буwдай аттуw-жүйөw баш алыптыр.*

АТТУWЧАН *жерг.* атчан; *бир аттуwчан киши келет.*

АТЧЫ *кашк.* 1. ат менен жүк ташыган адам; 2. *ыск.* жумушчу аттарды кайтарган адам; *мен да атчы болуп жүрдүм.*

АТЫ I *чүй., суз., жжол.* бозо сүзүүдө колдонула турган жыгач (баштыктагы бозону аралаштыруу үчүн учуна кайчы түрдө кадалган жыгаччасы бар таяк); *бозо сүзөйүн деп атыны таппай койдум* (түштүк говорлордо «аткы», Тянь – Шань жакта «аталга», Ысык – Көлдө «аталгы» деп аталат).

АТЫ II *жжол.* можу; *аты, жөөк, мойунча, мөшкөл, жаван деген.*

АТЫЖОК *жерг.* чикит ойнунда баласын оң колдун атыжогу жана бармагынын учу менен кармап, бармактын салаасындагы энеси менен чабуу фазасы; *атыжокту баштап бүтүр, онон дувал урганга баравыз.*

АТЫК *батк.* кесме; *атык, гүл, чарчы, телпек, оромол.*

АТЫЛА *суз.* аталга менен бозо сүзүү; *аты менен атылап живер.*

АТЫМАЙ *жерг.* чүкө менен чүкөнү атып ойноо ойну; *атымай деген ойун бар, әкә, сиз ойнойсузбу?*

АТЫМЧЫЛ *батк.* аткынчыл; *ашык атымчыл бала менен ойносоң, алдырып койосуң.*

АТЫНБҮ, АТЫНЧА *түшт.* түштүк райондордун кээ бир жерлеринде илгери тараган диний уюм (бул уюмду аялдар башкарган да, көбүнчө аялдар арасында диний үгүттөрдү жүргүзүп келишкен. Алар «чачтуу эшендер» сектасындагы Ясевинин окуусун үгүттөгөн динчил уюм болгон).

АТЫРАКЕЙ *атб.* адыракай.

АТЫШ *жжол.* кан таламай аттуу

чүкө ойнунда «ок» менен атыла турган чүкө; *ар бир чүкөнү атыш деп эсептейт.*

АУВЕТ *батк. к.* авat; *аувет ничке жол.*

АУЗ *өзг. к.* авыз; **ауз канал** *өзг.* суу сактаган көлмө сыяктуу канал; *о, талаада ауз канал бар.*

АФГАНИ *жерг.* 1. Афганстанга, афган элине таандык көрүнүш; 2. афган тили; 3. афганча; *афгани гэп урат, көрсө биттэ тоок бир күндө биттэ тукум тywат деген гэп экен.*

АФЛАТУН *өзг.* байыркы (сал. Платон); *Искендер Зулкарнайын афлатун илимине тааныш болгон.*

АФСУС *жерг.* кап (сырдык сөз); *афсус, мен сени көрө алвай калдым.*

АФТ *жерг.* бети – баш, түр – түс, өң; *онун афты бузук экен, ону менен жүрвө.*

АФТА *жерг. к.* апта; *эси жоктун эртеси түгөнбөйт, акмактын афтасы түгөвөйт* (мак.).

АФТАВА *жерг.* зээни жок адам; *ого айткан менен owузун owруйт халаз; ол бир афтафаам.*

АХ *жерг.* оой ий (сырдык сөз); *щунчэйи сасыйт ки, ах, бедава;* **ах бир болвогур** *жерг. шынчэйи күлүппүз ки, ах бир болвогур ой укмуштай бир күлүппүз;* **ах, сени не десе** *жерг. ай ушул сени эмне десе.*

АХААРАТ *түшт.* зордук, кыйноо; *бирөөгө ахаарат кылва, балам.*

АХААРАТТА *зам., түшт.* зордукта; *ахааратгап иштетпе, кандектин лайы өзү йэм бүттү.*

АХАН *зам.* күү; *комуздай ахан чалдырды.*

АХВАЛ *түшт.* 1. ал – абал; *кандай ахвалың, көрүнбөсүң?*; 2. *өзг.* күч – кубат; *сен аны оңой ойлово, ахвалың жетеви?*

АХВАТ *ноок.* таш боор; *бирөwдү сыйлаваган ахват экен.*

АХИЙДЕ *пам.* жакшылык; *ахийдени билбеген адамдан үмүт кылва.*

АХЛАТ *жерг.* көр – жер чогултчу нерсе, буюм, яшик; *пэприсиңди ахлатка ташта.*

АХЛЕТ *түшт.* таштанды, шыпырынды; *ол тамда ахлет жатат.*

АХМАК *жерг.* акмак; *сен көп ахмак болво.*

АХТА, АКТА *жерг.* бычылган мал (көбүнчө жылкы); *атты ахта кылыш керек.*

АХТАХАНА, АКТАКАНА *жерг.* аткана; *ат ахтаханада байлалуw.*

АХТАЧЫ, АКТАЧЫ *жерг.* 1. мал биттегич киши; *ол адам – ахтачы*; 2. илгерки кыпчак уруусуна кирүүчү топтун аты; *Жерге – Талда ахтачылар көп.*

АХУНДУК *пам.* акындык; *ол менен* (менден) *ахундук кылат*;

АХУНЧАЛЫК *лейл.* акынчалык; *бир ахунчалык бар экенсиң.*

АХУР, АКУР *өзг., пам., ал., жерг.* акыр; *чөптөн ахурга көвүрөөк салып кой, бийе келгиче жей версин.*

АХЫ *ичк.* 1. акыры; *ахы шо ишти бәжәрип койвойсуңбу?*; 2. теги; *әә нени, ахы, айтасың?*; 3. тегеле; *ахы эртеге кевейсиңби?*

АХЫРЫ *батк., лейл.* теги, түбү; *ахыры бардыңарвы, кыйкырып атам – кыйкырып атам, теги сени кәр кылган кудай таала да*

АЦ *баткч.* ач; *ац көздүн өзү тойсо да көзү тойвойт* (мак.).

АЦУW *баткч.* ачуу, каар; *бүтүнкү ацuwдуу эртегиге кой* (мак.).

АЦЫК *баткч.* ачуу; *ширинди ацык кылыш оңой, ацыкты ширин кылыш кыйын* (мак.).

АЦЫЛ *баткч.* ачыл; *атаңдыкы балвырайт да салвырайт, энеңдики ацылат да жумулат* (таб. кын, айчы).

АЧ I *түшт.* толо жетилбеген дан (буудай, арпа, жоодары, сулунун

даны); *жоо – дарынын даны узун–узун ач болот*; **ач калтпайт** *сүл.* ач калтырба; *мурапа ач калтпайт, ону же, онон темирөткүгө товулгунун ышын сүртөм, ондо тез айыгат.*

АЧ II: **алдын ач** – ните тойдо кыздын жеңеси ийнеге жипти учтап, учун түйбөй сырт кийимди сайып өткөрүп туруу жөрөлгөсү (отурган элдер да колун ашташтырбайт. Анткени кыз – жигит кошулганда алдылары байланып калат деп ойлошот).

АЧА *түнд.* 1. эки ачаланган, эки айрылган нерсе (жыгач, кол ж.б.); 2. *түшт.* адамдын чаты; 3. *жжол.* илгери кара мылтыкты сүйөп ата турган сошка; *ачага сүйөп, өзү чөгөлөй калып от койду*; 4. *жжол.* алагды; *эки ача болуп колум бошор эмес*; 5. *тал.* уруунун аты (сал. байыркы түрк эстеликтеринде «эчи, эчү, ичи». Тувача бул сөз «ата», хакасча «улуу ага», өзбекче «чоң әне», уйгурча «улуу эже» деген маанини берет); **баш ача** *ал.* 1. чоң, жайык кеткен тоо өндүр – колоту; *баш ачага жете алвай калат*; 2. жердин аты; **үч ача** *жжол.* согуштук куралдын бир түрү; *кылыч, кара мылтык, найза, үч ача, шылк этме жасашып, ок куйду.*

АЧАЙ I *чүй, сейр.* чоң энесинин тарбиясында өскөн баланын өз энесин аташы; *эмне балакет болду, ачай?*

АЧАЙ II: **ачайган–бучайган** *батк.* тартайтып – туртайтып эптеп бирдеме кылып жасаган нерсе; *ачайган–бучайган кеште да, ону ташта, бу жакка караң.*

АЧАКАЙ *тал.* ачакей; *ачакай терек экен, атты байлап, сүлү бер.*

АЧАКЕЙ *тал.* чозмо; *ачакей алып бутактан–бутак шыкаалады.к.*

АЧАЛАК *ош.* 1. ачакей; 2. *өтм.* ургаачынын жыныс мүчөсү.

АЧАМАЙ *батк.* 1. ачакей жыгач; *ачамай менен жүзүм көтөрөт*; 2. *ноок.* өзбекче чапандын эки капталынын этек жагындагы ача, тилик; *ол баланын чапанындагы ачамайды караң.*

АЧАМАКАЙ *батк.* рогатка; *ачамакай, камелек деген болот.*

АЧАМЕКЕЙ *чүй.* ачакей; *ачамекейи бар бекен, алманын шагын көтөрүп кой.*

АЧАР *түнд.* начар; *оо, кокуй, мунуң ачар эме го.*

АЧЕ *тал. к.* апче; *аче, эмне дүрүлдөп атыр?*

АЧЕН *иск. ал.* чен; *аченде ким бар болмок эле.*

АЧКАШ *түнд.* эки ача сөз; *ачкаш айтып атам.*

АЧКӘӘР *пам.* кабырылган, абдан арык жан; *ачкәәрдәй атымдын артайылыны жапшырам.*

АЧКЕЙ: **ачкей–жумкей** *чүй. к.* ачакей – жумакей; *ачкей–жумкей ойношту.*

АЧКЕРЧИЛИК *зам., лейл.* ачарчылык; *ачкерчиликте үлкөн жегендер ишип кеткен.*

АЧКЫЛ *түшт.* 1. кычкыл; *четтеги алма ачкыл, шондон алып келиң*; 2. *иск., атб.* арпа, буудайдын талканынан ачытылып жасалган суусун тамак; *ачкыл ичип ал, кардың ток болот*; 3. *батк.* кычып кеткен айран; *айран эки–үч күн турса ачкыл болот*; 4. *жжол.* жалпы эле кычкыл даамдуу өсүмдүк (кымыздык, ышкын, чүкүрү); *ачкыл жегим келет*; **ачыма ачкыл** *чүй, тяньш.* максым; *ачыма ачкыл бер деди*

АЧКЫЛЫК *чүй.* 1. бир нерсенин ача турган нерсе; *алтын менен ачкылык кылат экен*; 2. *иск.* ачуучулук; *ал эшикте эми ачкылык кылбасын.*

АЧКЫЧ *жерг.* 1. кулпу; 2. *түнд.*

кулпунун, кишендин жана башканын ачкычы; *эй, жигит, үйдү ачайын ачкычты берчи.*

АЧМА I *пам.* 1. бир нерсени (көбүнчө үйдүн эшигин) орунсуз ачып олдоксон иш кылган адам; *ачып чыксам эшикти ачма жигит девеңер*; 2. *батк.* караган бутагы, куурайы жок кылынып тазаланган жер; *каламанын төгөрөгүн ачма жер кылат.*

АЧМА II *өзг.* ачкыл; *ачма жуттум, энди теменени учуктай бер.*

АЧМЫЙ *түнд.* арык, узун сөлдөйгөндүк; *мендей ачмыйган кишини көрбөптүрбү?*

АЧУУ *пам., тал., чатк.* ачуу; *бет ачуу күйөө баланы келип көрүү жөрөлгөсү* (бул сөз ичкиликтерде кээде «ачык» деген түрдө, түндүк говорлордо «ачуу» формасында айтылат).

АЧУУ: **ачуу басар** *түнд.* кыз – күйөө кошулганда уул тараптын адегенде кудага барып, сый – сыпат тартуу кылып, кечирим суроо жөрөлгөсү (кээде ал «чуу басар» деп да аталат); *ачу басарына барып келдик*; **ачуунду жут** *суз.* ачуунду бер, ачуунду кой (ыр – чыр, чатак чыгып калганда ачууланган адамдан «ачуунду бер» деп көңүл салып өтүнүү); **ачууңа ай бер** *батк.* оң колундун ачуусун сол колуң менен карма.

АЧТАМА *жжол.* эшиктин кашеги; *ачтама, канар, аш такта, гөзө деген сөз бар.*

АЧЧЫК I *өзг., батк., лейл. к.* ачык; *тузу ачык болуптур.*

АЧЧЫК II *батк.* ачык; *сыр жашырваган аччык жигит.*

АЧЫ I *суз.* 1. саздак жерден агып чыккан киргил, шордуу суу; 2. жердин аты; *бул жердин суусу ачы, аты да – Ачы*; **Ачынын айдын жеринде** *жердин кол менен жасагандай кооздугун сүрөттөгөн комуз күүсү*; **ачы кызыл** *пам.* ач кызыл; *ачы кызыл экен кайра бер.*

АЧЫ II *батк.* ачка; *ачыдан өлүп калды.*

АЧЫГЫНЧА *зам.* чынын айтканда, ачыгын айтканда; *ачыгынча айтканда, аттын ооздуругун чыгарвай сугарыптыр.*

АЧЫК I *ичк.* 1. ачуу (сал. аччык **II**); *ачык алма экен, жеведим*; 2. ачыган кыйгыл нерсе; *ачык атала бервесең бовойт*; 3. сасык; *ачык ичегини жевегин*; 4. шор; *ачык суwду ичпегин, кәсәлмән болуп каласың*; 5. *батк.* жибек куртунун пилла орор алдында кустуруш үчүн ачуу даамы бар куурай, караган таштап коюу учуру.

АЧЫК II *атб.* кездеменин бир түрү; *ачык кездемеден бер, акем өкөвүз жоого кетебиз.*

АЧЫКЕЙ *пам., чүй.* ачакей; *ачыкей, кертим, бешилик деген сөз бар.*

АЧЫЛ *пам.* жылкынын жүгүргөндө, улакка түшкөндө кызышы; *кечке хурун элдин аты ачылды*; **ачыла салдыр** *түшт.* жоргону салдыруу, жорголотуу; *ачыла салдырып бараткан жорго.*

АЧЫЛЫ *жерг.* ачуу нерсе; *ачылы кандай молло аке?*; **ачылы – чүчүлү** *жерг.* ачуу – таттуу; *ачылы – чүчүлү деген болот.*

АЧЫЛЫВЫҢКЫ *түп.* ачылыңкы; *эшик ачылывыңкырак турат.*

АЧЫМА *тал., чатк., өзг., жжол.* 1. ачкыл (тамактын аты); 2. *өзг.* шалы айдоо үчүн бир нече жума суу жайылтылып коюлган аянт; 3. *тал., өзг.* ундан жасалган максым; *ачыма бар эле, түгөнүп калыптыр.*

АЧЫМАЛ *чүй. к.* ачыма; ачыма; *ачымал жасайсыңарбы, бул жер жайында ысык экен.*

АЧЫМСЫРА *ош.* тойбогонсуу, ачсыр; *туз-даамыңа ачымсырап турам.*

АЧЫТ *лейл.* көптөн жайнатуу; *гышт деген нерсени ачыткан.*

АЧЫТКЫ *ичк.* кам каймак менен «зилөлдин» кабыгы кошулуп ачытылган дары; *ачыткыны бетке сүртөт*; 2. *түнд.* камыртуруш (сал. көптүргү); 3. ачкыл ачытуу үчүн калтырылган көрөңгө; *ачыткы сурап келчи, ачкыл ачыталы;* 4. *батк.* ашаткы; *териге ашаткы жасайт* (сал. тув. ажыткы, ажынды «ачыткы»); **камыр ачыткы** *чүй.* камыртуруш; 5. *жерг.* уютку; *сүткө ачыткы күйүп айран уйутат.*

АЧЫТМА *жерг.* 1. бозо (өтө сейрек жасалат); 2. *батк.* ачкыл; *о челектеги ачытмавы, ичсе болову*?; 3. *батк.* силос; *жөмөн атка миң камчы, жакшы атка бир камчы* (мак.) *дейт, ого ачытма салвай эле кой.*

АШ I *түшт.* 1. жалпы эле тамак (бул мааниде «аш» деген сөз түндүк говорлордо сейрек айтылат); 2. палоо; **аш этели** *палоо басалы*; 3. кесме; 4. *өзг.* күрүч ботко; 5. *өзг.* айран катыкталган жарма; 6. *батк.* ашаткы; *терини ашка салып койот*; **7**. *түнд.* өлгөн адамды эскерип, бир жылдан кийин ага арнап мал союп (көбүнчө жылкы же уй), элге тамак берүү жөрөлгөсү (өлгөндөн кийин чоң аш берүү жөрөлгөсү азыр ичкиликтерге өтө мүнөздүү эмес); **айым аш** *зам.* камыры ичке, узун кесилип жасалган кесме; *айым аш – камырдан жасалган тамак*; **жайган аш** *батк., ар., жерг., жжол.* 1. жайган камырды кеспей эле бүтүн салып, чалгыч менен чалып, майдалап жиберип бышырган тамак; *апам бизге жайган аш жасап берди*; 2. *өзг.* айран катыкталып, бир аз камыр салынган жаркөп *жайган ашка кәртишке салып, суйук жасап, катык кошот;* **жалпак аш** *өзг.* жайылган камырды төрт бурч кылып кесип жасаган тамак; *эжемдикинен жалпак аш ичтим*; **жооган аш** *суз.* майсыз, айран – сүтсүз катыкталбай жасалган тамак; *тәниң ысык дегенден жооган аш ичип атам* (жооган ашты ооруган адамдарга сууктук үчүн берет); **жуган аш** *лейл.* сүзмө катыкталбаган аш; **жылаан аш** *батк.* күчала; **жылваш аш** *зам.* эски жыл менен жаңы жылдын айрылышында (жазга маал) жасала турган тамак; **кайыш аш** *зам.* өлгөн адамга арнап аш бергенде жасалуучу тамак (кээде ал «жайган аш» деп да айтылат); *нойгуттар кайыш аш, биз жайган аш дейвиз*; **кескен аш** *ичк., тторо., түшт.* кесме; *кескен аш ичтик* (бул тамак кээ бир жерде «кескен күйө» деп да аталат); **кара катык аш** *ош.* ысык жарма (сүт куюлбаган); *кара катык аш ичсек да, үйдө ичеличи*; **конок аш** *тторо.* 1. жүгөрүдөн жасалган жарма; 2. *зам.* коноктон жасалган көжө тамак; *жаз алды менен конок аш жасап кирди*; **кемеге аш** *түш.* той – тамашага келгендерге тамак берүү салты (мындай салт боюнча көп кемегелер казылып, көп мал союлуп, анан жалпы элге жалпы тамак берүү болгон); *кемеге аш, андан кийин ат чабыш болгон*; **көжө аш, көчө аш** *өзг.* 1. жалпы эле арпа, буудай, жүгөрүдөн жасалган көжө тамак; *мени жакшы баксаң көжө аш берем дээр экен*; 2. *ош.* жүгөрүнүн данын сокуга жанчып, сууга сүт кошуп бышырган суюк аш; *чакырып алып көчө аш берди*; **кыргыз аш** *өзг.* сабиз кошулбай басылган палоо; *кыргыз аш жасай койсо да болот*; **кыркма аш** *базк., суз.* жайылган камырды бир чекесинен узун – узун жазы кылып кескен кесме тамак; *кыркма ашты көмө*

катыктап койуптур; **көжө аш** *өзг.* жүгөрүнү түктөп туруп жасаган көжө тамак; **магзым аш** *тторо.* ачкыл (кээ бир жерде «ачыткан жарма, максым жарма» деп да коюшат); **нокот аш** *өзг.* жашылча аралаштырылып жасалган буурчак сорпо; **увалаган аш** *пам.* унду майдалап жууруп, суюга салып бышырып, анан айран же курут катыктаган тамак; **угуз аш** *өзг.* ууз; **умач аш** *өзг., батк., ар. жерг.* кайнак сууга ун салынып бышырылып, анан сүт же айран катыкталган тамак; *чоң чыныга умач аштан куйуп келди*; **үзмө аш** *түнд.* камырын ичке – ичке кесип, кол менен үзүп бышырылган күлчөтай; үйрө аш *чатк., батк., лейл., суз., өзг.* 1. кесме; 2. кесмеси коюу тамак; 3. кургатылган кесме менен жасалган тамак; *үйрө ашты тайарлап кел* (сал. таж. угро; өзб. угра «кесме»); **сагыра аш** *жерг.* болор – болбос, жетер – жетпес аш; *сагыра ашын ичирбе*; **суйуқ аш** *батк.* 1. суюк кесме; 2. жалпы эле суюк тамак; *сен барсаң айтып жүгөр, үйгө келсин, суйук аш жасасын*; **таруу аш** *жжол., тторо.* таруу көжө, таруу жарма; **түймөч аш** *жерг.* камырын тоголок – тоголок кылып бышырган тамак; **аш айран** *ыск.* акшак аралаштырылган айран; *аш айран ичтиңби, эми оозунду тазалап ал*; **худайы ашы** *жерг.* караш; **ыстык аш** *батқ.* айран катыкталган күрүч же кесме тамак; **аш алды** *пам.* той учурунда уул тараптан кой союп келип, этин жашыруун түрдө үйгө алып кирүү жөрөлгөсү; *кыз тарап билип калса, аш алдыны талашат* (уул тарап билгизбей алып кирип кетсе, аларга кыз тарап жыгылыштуу болуп, бир кой соёт); **аш алдыруу** *өзг.* мейман киши «тойдум» деп палоо жебей койгондон кийин ага кимдир башка бирөө өз колу менен палоо сугунтуу жөрөлгөсү; *аш алдыруу болдуву, энди эсиңде болсун*; **аш-гөш** *батк.* эт аралаштырылып басылган күрүч; *тойдун аш-гөшүн ортого койду*; **атаңа аш бергир** *жжол.* каргыш тийгир; **аш дәм жедиви?** *батк.* палоо демделдиби; **аш жайгыч** *ноок.*, кесме жая турган тактайча; **аш илэнч болуптур** *батк.* суу көп куюлуп томолоктошуп калган палоо; **ашка бәлээ, көчкө жүк** ◊ *батк.* арам тамак, аяк бошотор; **аш ичер улук** батк. аяк ичер улуу; *сенден мен аш ичер улукмун;* **аш-паш** өзг. тез эле, бат эле; *аш-паш девей келип калды.*

АШ II *лейл., батк.* чакмак таш ойнунда эки, үч таш алганга чейин колдонула турган сөз; *жәйлөwдөн келгениңде эки аш, үч аштьı көрсөтөм;* **эки аш** *батк.* чакмак таш ойнунун бир фазасы (мында таштар эки – экиден терилип алынат); *топ таштын сөзү көп; эки аш, үч аш, топ таш, айгүл, чычык дегени болот*; **үч аш** *батк.* чакмак таш ойнунун бир фазасы (мында таштар үч – үчтөн алынат, башкача айтканда, адегенде үч таш алынып, анын бирөө колго калып, экөө кайра жерге коюлуп үчтөлөт да кайра алынат); *үч аш эки аштан кийин ойнолот.*

АШААМА *пам.* кооз шуру – мончок; *адисим мерген барында ашаама менен жүрчү эдем.*

АШАЛ *зам.* жаранын учу агарып жарылайын деп калуусу; *чыйкандын оwзу ашалып калыптыр.*

АШАМ: **ковул ашам** *ош.* кереге, уукка кооздоп түшүрүлгөн оюкча.

АШАР I *тяньш.* куурайдын бир түрү; *ашар менен жабылган үй.*

АШАР II: **гилем ашар** *түшт.* килем токууда уюштурулуучу ашар (тамак жасап, килем токууну коллективдүү түрдө өткөрүү жөрөлгөсү); **кийиз ашарт** *түшт.*

кийиз басарда коңшу – колоңдогу аялдарды чакырып тамак берүү жана аларга кийиз жасатуу жөрөлгөсү; **отун ашар** *жжол.* чогулуп отун жыйноо үчүн өткөрүлгөн ашар; *отун ашар өткөрүлөт.*

АШАРАТ *түшт.* шире; *онун ашаратын көр.*

АШАРДА *түшт.* ашар жасоо, ашар катышкан адам; *ашарлаш орокчулар.*

АШЫРЧЫ *өзг.* ашар уюштурган адам; *ашарчы элди чогултуп, бүтүрөт.*

АШАТАР: **аш ашатар** *батк.* төкмө «гэп» уюштурганда экинчи кезек менен жоро уюштуруп, баштаган адамды сыйлоо жөрөлгөсү; *төкмө салган кишиге аш ашатар берет.*

АШАТКЫ *ыск., тяньш., чүй.* тери өндөө үчүн колдонулуучу ачыган айран, сүт; *үйдүн ичи ашаткы жыттанып кетиптир.*

АШКАБАК *сүл.* 1. кавактын ичиндеги үрөн – сүрөндөрү алынып салынып, өзүн идиш катары колдонулган көңдөй түрү; *ашкавак, карапа калдырайт*; 2. *түнд.* кабак өсүмдүгүнүн бир түрү; *ашкавак чоң экен, экини араң көтөрүп келдим*; **айым ашкавак** *жжол. батк.* жылмакай, тегерек келген, даамы таттуу, түшүмдүү ашкабактын бир түрү; *айым ашкавак жеп, кумардан кан*; бөзөк аш ашкавак *суз.* ашкабактын чоң баш байлай турган бир түрү; *биз кечээ күнү үкэм өкөвүз бөзөк ашкавакты үзүп, жыйып койдук*; **гөш ашкабак** *батк.* кабыгы калың, түсү кызыл, кара түстө болуп, почогу менен сүткө же көжөгө салына турган ашкабак; *гөш ашкабак туурап, көжө кыл*; **дәстәл ашкавак** *суз.* ашкавактын бир түрү (кичинекей, эрте бышуучу ашкавак); *базарда дәстәл ашкавак көп экен, бир товун сатып алдым*; **кара ашкавак** *суз.* сырткы кабыгы каралжын өң ала турган ашкавактын түрү; *кара ашкавактан алып жөгөрдө күн нөшөрлөп жаап келди*; **мәкә ашкавак** *батк.* тышкы кабыгы көк сары, уругу чоң, ичи ач кызыл, кичирээк ашкавактын түрү; *бир мәкә ашкавакты жарып алды*; **музоо баш ашкавак** *батк.* ашкабактын бир түрү; *гөш ашкавак, сәмсә ашкавак, музоо баш ашкавак өсөт*; **кырма ашкавак** *батк.* чоңдугу дарбыздай болуп, тегерек, кабыгы жумшак, сырты бозумтук, ичи сары түстө келип, көбүнчө самса жасалуучу ашкабактын түрү; *сәмсәгә бештә кырма ашкавак болсо жетер*; самса ашкавак *суз.* ашкабак өсүмдүгүнүн самса жасай турган даамы таттуу түрү; *самса ашкавактын самсасын жесең өтө танданасың*; **сары ашкавак** *суз.* өңү сары түс ала турган ашкавактын түрү; *сары ашкавак үзүп келатып, бәйловдо калды тайыңыз, батып кетти байыныз деп койду*; **теветей ашкавак** *ош.* тегерек, боору жик – жик келген, өңү бозгуч ашкабак; *тегерек ашкавактан сатып ал.*

АШКАВАККОР *алб.* ашкабакты жакшы көрүп, көп жеген адам; *шо ашкаваккордон жыгылдыңбы?*

АШКАЗАН: **ашказан күйдүвү?** ◊ *батк.* суусадыңбы?

АШКАЛ *жерг.* үй буюмдары, үй эмеректери; *үй ашкалдарын алып кел.*

АШКАЛДА I *ичк.* чай салуучу баштык; *ашкалдага чәй сал.*

АШКАЛДА II *пам.* рахмат; *ашкалда айтып ийилди* (кээде «күлдүго» деп да айтылат. Түндүк говорлордо болсо «кулдук кулдук уруу» деген сөз колдонулат).

АШКАНА: **чырмаган ашкана** *түнд.* чыгдан жакка тартылган кооз, орто көлөмдөгү ашкана чий.

АШКАВАР *лейл. к.* ашкевер.

АШКЕВЕ, АШКЕВИ *чүй, өзг., кочк.* 1. мажүрөө, шалкы; *ушуну кармай алвайсың, ашкеве, эмнеге жарайсың?*; 2. эргежээл; *казаң жетип сен кеттиң, кивиреген ашкеви*; 3. *өтм.* жатып ичер, арам тамак; *ал иштейт беле, ашкеве болуп жата берет*; 4. *жжол., өтм.* курсак; *ашкеви салаңдаган киши экен.*

АШКЕВЕР *лейл.* 1. баласы жок адам өзүнүн тирүү кезинде өзүнө арнап аш берүү жөрөлгөсү (мындай жөрөлгө 1917 – жылдан кийин жоюлду); 2. курман айтта берилүүчү аш; 3. сырдык сөз 1. нааразы болгондукту билдирип, малга карата айтылат; *э, ашкевериңе сойулгур*!; 2. өкүнгөндүктү билдирип, «кап» деген мааниде айтылат; *о, ашкевер әй, өлвөймүн деп ким ойлойт, пәндәнин келвейт чактысы.*

АШКЕЛЕ *батк.* чарба; *булардын ашкелеси кандай?*

АШКЕП *батк.* соргок; *шөк–шөк, кәшкөwүм, жемге келбес ашкевим.*

АШКОР *суз. к.* ашкеве.

АШКОРОК *батк.* боортко; *баланын ашкорогун байлап кой, көкүрөгү булгамбайт.*

АШКӨW *жжол.* аштык айдап дан баккан адам; *–үркөк–үркөр топ жылдыз, үркүп кайда барасың?. — Жоwжелимге барамын!. — Жоwжелимде миней бар? —Живек өргөн кызым бар, аштык айдар уwлум бар!; –живекчи кызда минең бар? — живегинен аламын, жерге жайы саламын!. — ашкөw уулуда минең бар? — аштык алып келемин, жер бетине эгемин* (балдардын ырынан).

АШКӨК *ыск., суз.* суюк ысык тамакка туурала турган өсүмдүктүн аты; *ашкөк алып кел, тамакка кошолу.*

АШКҮРӨК *лейл., өзг. к.* ашкорок; *ашкүрөктү балага тагып кой.*

АШЛАМПУ *түшт., жерг.* буурчак өсүмдүктөрүнүн (көбүнчө дадуунун); крахмалынан килкилдек кылып уютуп, анан ичке – ичке кылып кесип, ачык суу кошуп жана ар кыл ачуу салып жасаган тамак; *Караголго бардым дегиче ашлампу жеймин дебейсиңби* (аны дугандар гана жасайт).

АШМАНКАНА *ыск., кашк.* ашкана; *ашманканага кирип кетти.*

АШМАЧЫ *ыск.* повар; *бу ушулардын ашмачысы го.*

АШМАЧЫЛЫК *кашк.* повардык; *ашмачылык дегенде ашмачылык.*

АШМҮШКЕ, АШМҮШКӨ *ыск.* 20 – 30 грамм өлчөмүндөгү салмак; *бир ашмүшке чай берди* (сал. каз. әшмүшке, эшмишке, әсмөшке).

АШНА *жерг.* 1. тамыр, курбу, жолдош; *э, кандай, ашна, иштер жакшывы?*; 2. *өзг.* кошуна; *биз ол өкөөвүз ашнавыз* (сал. таж. ошно).

АШПУЗУЛ *түп,* жетг. столовой; *ашпузулга кирип тамак ичтим.*

АШПУЗУЛЧУ *түп, жетг.* столовойдо тамак жасаган адам; *ашпузулчуларың кантет, дердеңдеп болбойт ко.*

АШПУРТ *ыск., тяньш.* нашпурт; *бир ашпурту бир чыныдай.*

АШПУРУШ *батк.* тамак – аш саткан адам; *базарда ашпуруш бар, бысмылдадан гәп баштап, бирлигин айтат адамдын.*

АШТА *пам., батк.* ашат; *терини аштап таштады.*

АШТАМА *лейл., батк.* килем станогунун жалпы түзүлүшү, рамасы; *аштаманы алып кегиле, пендечилик курусун, билет белек дүйнөнүн жалганын.*

АШТАН I *пам.* 1. боз үйдүн чыгдан жагы; 2. *жерг.* там үйдүн тамак – аш турар жери; 3. *тяньш.* ашкана чыгдан; 4. *лейл.* аш такта (сал. таж.

диал. ощдон, оштон); 5. очоктун аштанына отуруп ылып калдым; *аштан бышык*; **аштанып калыптыр** *өзг. жаранын учунун агарып иринде калышы*; **аштанга өткөзүw** *жерг.* жаңы келинди отко чакыруу жөрөлгөсү; *келинди бүгүн аштанга өткөзүw кылды.*

АШТАН II *кашк.* ашкана; *аштанада казан-айак тутасың.*

АШТАН: **аштан-паштан** *түшт.* чалыр көз; *аштан-паштан көзүңүз Оштон качан келдиңиз?*

АШТАР *лейл.* жара тилгенде колдонулуучу курч, кичине бычак; *ойлогун жаның аманат, тирүwүңдө кылгын талалат, бовосо аштар менен көрсөтөм көргүлүктү.*

АШТАШ *кочк.* бирге даамдаш болуп калган адам; *орус менен ашташ киши.*

АШТЕК *батк.* өрүктүн күнгө кургатылган кагы менен данеги; *аштекти күнгө катырат да сатат*; **аштек-паштек** *батк.* жалпы эле сөөгүнөн маңызы чыгарылып алынып, эти менен бирге кайнатылып, анан кургатылган шире; *аштек-паштекти көп камда, чагымда быйыл кар калың болот.*

АШТНЕК *зам.* ашпозчу; *ол аштнек чайдын шамасын кургатып алды.*

АШТОО I *өзг.* үбөлүк; *Чолоктун кызы аштоону алды эле.*

АШТОО II *өзг.* жүгөндүн суулугундагы кичинекей чагарак; *суулуктун аштоосу шарт эле сынып кетти.*

АШТУЙАК *зам.* бир нерсени сегизге бөлүштүргөндүн бир үлүшүн, бөлүгүн менчик кылып алуу; *болгон мүлктү бөлдүрүп аштуйак дowлап алам дейт.*

АШТЫК *түшт.* 1. аш жасоого керектелүүчү эт, сабиз, палоо; *аштыгыңды тайарла, куйрукту чызгыр, майын тоңдур*; 2. *өзг.* өлгөн адамга берилүүчү жылдык аш; *Ормон әкемин аштыгыны бердик.*

АШТЫКЧЫ *түшт.* эгинчи; *аштыкчы балдар иштеди, олор азыр кетет.*

АШТЫМКАНА *суз., кочк.* 1. ашкана; *аштымканага от калачы*; 2. *чүй.* үй буюмдарын сактоочу атайын жай, орун; *арпаны аштымканага койуптур.*

АШУW *тал., жерг., пам.* ашуу; *ашуwуң бийик артуwду бөл дединби?*

АШХОРЕК *жерг.* илгери медреседе окуган уландардын (мындай медресе Сөгөт, Сары – Талаа деген айылдарда, болжол менен, 1910 – 1918 – жылдарда болуп, анда жергиликтүү кыргыздардан мударис болуп иштегендер чыккан экен) кезек менен жалпы окугандарга берген тамагы; *ашхоректер болгон экен, олорду мен көрвөдүм.*

АШУЛА *жерг.* тажикче ыр; *биттә ашула ташап койуң.*

АШУЛАЧЫ *жерг.* 1. тажикче жакшы ырдаган адам; 2. ырчы; *атасы – молдо, энеси – жорго, кызы – ашулачы, баласы – ойнчу* (таб. суу, көпүрө, курбака, жылан).

АШУУ: **баш ашуу** *жумг.* 1. өтө бийик чоң ашуу; *баш ашууга жеткенде өлтүрөт;* 2. жердин аты; бөөрлүк ашуw *пам.* 3. бөрү ашып кете турган бел; 4. жердин аты; **өгүз ашуу** *ыск.* чоңураак, бийигирээк ашуу; **тай ашуу** *ыск.* кичирээк, жапызыраак ашуу.

АШЫГЛЫК *түшт.* ашыктык; *ушерде ашыгылык күйүт мойнума түштү.*

АШЫГЫЧ *ыск.* шашылыш; *ашыгыч иш, талаага жөнө, мен баргыча кетпе.*

АШЫГЫЧТА *ыск.* шашылыңкы; *ашыгычтуу учурда келип калыпсың!*

АШЫГЫЧТЫК *ыск.* шашылгандык; *ашыгычтык кылва, сүйлөшүп отура туралы да бир азга.*

АШЫК I *зам., пам.* 1. чүкө; *ашык ойногон азат, топ ойногон тозот* (мак.); 2. *өзг., батк.* койдун гана чүкөсү (койдуку – ашык, эчкиники – чүкө деп аталат); *ак койумдун ашыгы ак әйт (чүкө өкчөгөндө аны өөп, төлгө кылып өкчөө ырымы)*; 3. *түнд.* 1. (буттун кетменинин үстүндөгү кичине томук; кызыл ашыгы чыгып керип аксап жүрөт); 2. *жерг.* «ховнапрәрәк» ойнунда баланы кызыл ашык кыл да, секирип өт; **ак ашык, көк ашык** эки жашка толгон ит; *ал ак ашык ит экен, көргөмүн*; **кой ашык** үч жашка тогон ит; *тетиги балдар бир кой ашык итти жетелеп жүрөт*; **куу ашык** төрт жашка толгон ит; *итиң куу ашыкпы, же кой ашыкпы?*; **төрт ашык** *батк.* кумар катарындагы чүкө оюндун бир түрү (кээ бир жеоде ал «даттикем» деп аталат); *күндө төрт ашык ойноп бузулду*; **ашык атуw** *ичк.* 1. чүкө оюн; 2. *пам.* ордо оюн; *ашык атуw болот;* **ашык сал** *жерг.* 1. чүкө кош; *сен да ашык сал*; 2. төлгө сал; *Ашым ашык сала баштады* (азыр чүкөдөн төлгө салуу жоюлуп кеткен); **ашыктын эти** *жжол.* чүкөнүн эти; *ачмын деп ашыктын этин мүлжүвө* (мак.).

АШЫК II *өзг.* ороого жыйылган эгин – тегин, аштык, байлык; *ашыктын баары ороодо.*

АШЫК III *атб. к.* айлампа; бизде ашык же айлампа деп койот; **ашык–машык** *пам., ар., өзг., лейл., суз., батк., жерг.* бүтүлмө, топсо; *ашык–машык бек болвосо, эшик бек болвойт* (мак.).

АШЫКТАН *пам.* «палван ташты» буттун үстүңө чейин көтөрүү чеги; *палван ташты «ашыктан, тизе, ич» деп бөлүп көтөрөт.*

АШЫКТУW *жерг.* чүкөлүү; *ол бала ашыктуw экен, маңа көп ашык берди.*

АШЫЛАР *түшт. к.* ашула; *өзвекти кыстаса ашылар чыгат, кыргызды кыстаса ыр чыгат, казакты кыстаса өлөң чыгат* (мак.).

АШЫН *өзг. к.* ашык 1. *Эмилвек ашынды таамай атат.*

АШЫНА *лейл.* дос, тамыр; *ажыравас ашынамсың калемим*; **калың ашына** *жжол.* көнүлү өтө жакын адам; *алар бизге калың ашына.*

АШЫНЧА *жерг.* ашыкча; *ай чырайлык сүйгөнүм, ашынча иш кылвачы.*

АШЫҢКЫРА *чүй.* ашып кетүү; *баштан ашыңкырап барып, белин үздү.*

АШЫР: ашыр халча *жерг.* ыр жана күүнүн аты (комуз менен аткарылат); *ашыр халчаны угавыз деп о йәм келди, бу йәм келди.*

АШЫРКЫ *ыск.* алыскы; *ашыркы журт ат арытат* (мак.).

АШЫРЫК I *жерг.* камчынын бир түрү; *ашырык, жолборо таман, ит куйрук, ит таман, сүлөwсүн тырмак дейвиз.*

АШЫРЫК II *жерг.* чыгыш; *ашырыктан машырыкка жөнөдү.*

АШЫРЫК III *пам.* ашыкча, артык; *куw казык, эгиз мал койсом ашырык иш болвойву.*

– Ә –

Ә *түшт.* сырдык сөз (адабий тилдеги суроо, калоо, өтүнүү ниетин билдирүүчү – чы бөлүкчөсүнүн мааниси берет); **койуң; бери бериң ә; ә деп эле шүнтөт** *батк.* кайта – кайта эле ушинте берет; **ә дечи** *пам.* ошондой дечи, мейли дечи, макул дечи; *ә деп кор бирдеме деп үн чыгарып көрчү.*

ӘӘ *түшт.* 1. сырдык сөз (жактырбай кейип калуу сезимин туюндурат); *сүйлөвөсөң мейлиң ӘӘ;* 2. *озг.* ыя; *ӘӘ, имне дединҗ?* (бул сөз: жол болсун, кайда баратасыңҗ?; жол болсун, эмне кылып жатасыңҗ? кайдан келе жатасыңҗ? эмне дейсиңҗ? деген өндүү суроо иретинде бериле турган көп туюнтмалардын ордуна колдонулат).

ӘӘК *лейл.* ээк; *ӘӘги кыйшайып калыптыр.*

ӘӘЛӘМ *өзг.* чечим, буйрук; *кыргыздарды кошууга ӘӘлӘм жазат.*

ӘӘЛИМ *түшт.* 1. илим, билим; 2. илимпоз; *ӘӘлим болуу адамда.*

ӘӘМИ *карс.* диний окуусу жок, бирок динге ишенген адам; *ӘӘми адам, ого окшош молдо эмес.*

ӘӘН I *жерг.* сөлөкет; *аста басып бараргa ӘӘниҗден селкихан.*

ӘӘН II *батк.* мезгил, убакыт; *сӘӘл ӘӘни болсо, секин эле бар.*

ӘӘПӘ *ноок.* көңүл жакын болуп сыйлашып, жолугушуп жүргөндүк; *Бегим әкә менен ӘӘпә кылып жүрөм.*

ӘӘРЛҮW *жерг.* ачык түстүү, тунук өндүү; *ӘӘрлүw шайыны Маргаланда чыгарат.*

ӘБДӘН *өзг.* абдан; *Әбдән катык көрүнөт.*

ӘБДӘСТӘ *өзг. к.* абдесте; *Әбдәстәнин капкагы жок.*

ӘБЖИР *лейл., пам. к.* абжыр; *Әбжир адам тың келет.*

ӘБЖИРСИН *пам.* кыйынсын, тыңсын, мыктысын, бышыксын; *Әлимкулдан Пиримкул Әбжирсинбей кийин тур* (мак.).

ӘБЗӘЛ I *өзг.* 1. *к.* абзал; *Әбзәлин алып жоого жөнөйт;* 2. *пам.* керек, зарыл; *бул буйум Әбзәл.*

ӘБЗӘЛ II *пам. к.* абжыр; *Әлимкулдан Пиримкул Әбзәлсинбей нары тур.* (мак.).

ӘБЗАЛДҮW *пам.* керектүү; *Әбзәлдүw таштын оwру жок* (мак.).

ӘБЗИ *пам.* сырдык сөз («бай болгур!» деген мааниде колдонулат); *Өктөм, Әбзи, танавул ишти кыла кой.*

ӘВӘӘТ *лейл. к.* авat; *тогуз уул мундуздуу оң атайт да, Әвәәт элини сол атайт.*

ӘВАГИР *түшт. к.* авгер; *ол өпкөсүнөн Әвәгир чекчү.*

ӘВАДИ, ӘВӘДИЙ *зам.* түбү; *Әвәди шу йерде жашаймын.*

ӘВӘЗ *өзг.* 1. *к.* аваз 1.; *сенин Әвәзиң мени таң калтырды;* 2. *жерг. өзг.* сук; *мына жайлоо деп Әвәзиңиз түшөт;* 3. *ноок.* сыймык, даңаза; онусуну Әвәз кып жүрөт.

ӘВАЗГӘР *лейл.* 1. ышкыбоз; балам, ол күwгө Әвәзгәр; 2. дилгир, кумар; *шул атка жүдә Әвәзгәр Әдем.*

ӘВӘЛӘ *зам.* оволку, ӘвәлӘсин айтайын, ол катынынын туwушуна бир – эки күн каганда товго кетет.

ӘВӘТӘ *жерг.* булганч; *ат ылайга оwнап токулгасын Әвәтә кылыптыр.*

ӘВГӘР *батк. к.* авгер; *бәчәрә жүдә Әвгәр болуптур.*

ӘВЖӘК *батк.* бир нерсенин ширесин, майын чыгара иштегендик; *мен ылайдын Әвжәгин чыгарип ирдим* (сал. так. об «суу» – жәк «май»).

ӘВЖӘЛ *батк. к.* Әвжәк; *темирдин Әвжәли чыгып кетти.*

ӘВИЗ *түшт. к.* хәвиз; *дүнүйөдө төрт нерсе кәм; асмандын түркүтү жок, әвиздин капкагы жок, көрпөнүн жеңи жок, аш бычактын кыны жок.*

ӘВИЙ *пам.* апа (чоң энеси болсо гана бала өз энесин «әвий» дейт); *ону әвий коштоп койот.*

ӘВИЙӘТ, ӘВИЙЕТ *өзг.* бош, эркин.

ӘВИЙИР *зам.* өлүктө адамдарга берилген акча; *эркектерге үч сомдон, катындарга бир сомдон әвийир берет* (эгерде мал же буюм берилсе, ал «ыскаты» деп аталат).

ӘВИЛ *кашк.* көңүл; *тавылар болсо бере көр уулай, әвилиңди алайын уулай.*

ӘВИЛӘТ, ӘВЛӘТ *өзг.* 1. *к.* авалат; 2. ол башка әвиләтинән болот; 3. бирөөдөн калган туяк (жетим же башка бир жактан ооп келген адам); *балыкчы чал суудан тапкан әвләт бала дейт.*

ӘВИРӘ *батк.* көрпө, көрпөчөнүн даярдалган ичилиги; *көрпөнүн ичин әвирә кылып бүттү.*

ӘВЛӘ *жерг.* март, берешен; *байдан бай әвлә эмес, бардыгы сук.*

ӘВЛИ *түшт.* 1. бак – шактуу короо; *әлиги кишини әвлиге алып кирди;* 2. там артындагы огород, участок; *әвлидеги тоокту аңдап алды;* 3. дөң артындагы эгин эгилчү ойдуң жер; *әвлиге эгин эгилди* (сал. таж. диал. хавли); 4. огородго курчата салынган 2 – 3 паксалуу дубал; *әвли көчүп кетпесин, карын күрө.*

ӘВЛИЙӘ *ар.* олуя; *сен билгидей әвлийә белең?*

ӘВРӘВӘН *өзг. к.* авраван; *әврәвән көйнөк кийип алыптыр.*

ӘВРЕЗ *түшт.* 1. үйдүн бир бурчуна казылып коюлган чуңкур (анда суу дайыма болот. Жайкысын суу таза, муздак турат да, кышкысын тоңбойт. Анын үстү тактай менен жабылып, кез – кезинде тазаланып турат); *әвирез зәктәп кетиптир, эми тазалайын;* 2. кол жуу, кир суу төгүү үчүн жасалган аң (бул аңдын терендеги 70 см., узун – туурасы 50 – 60 см. өлчөмүндө болгон. Азыркы үйлөрдө мындай әврездер казылбайт).

ӘВРЕТИН *түшт.* жылаңач дене; *әвретин жаап салды.*

ӘВРЕШИМ *жерг.* жибектин бир түрү; *әврешимден көйнөк кийет, сүйүнүп жүрө берет.*

ӘВРЕШИМБОФ *жерг.* устат (таж. «абрешим» – жибек — «боф» – току, өр – жибек току); *онун энеси әврешимбоф болгон, ол келмекчи эде, эмгиче йок го.*

ӘВРИК *лейл.* өсүмдүктүн аты (түндүктө «койон томук» деп аталат); *әврик саал ийилип калат, онову әкәм өкөwүз ону көп көрдүк.*

ӘВСИ *өзг.* бушайман, нааразы; ал барганына әвси жептир, кәмсийә келип текшериптир.

ӘВСИТ *батк.* бушайман; *әвсит жейт.*

ӘВТИ *батк.* жети жаштагы кой; *козу, токту, шишек, чары, пәнжи, шәшти, әвти дейт.*

ӘГӘЙНИ *батк.* агайын, курбу, жолдош, теңтуш; *башкалар йәм гәвирсин, әгәйни* (сал. өзб. огайни).

ӘГӘЙИНДҮW *батк.* агайындуу; *келинди әгәйиндүw жерден алган экенсиз.*

ӘГӘР *өзг., пам.* эгер; *әгәр бүтүн келвесең иш чатак.*

ӘГӘРИ *өзг.* эгерде; *әгәри мен барбай калсам, сен жөнөй бер.*

ӘГӘРЕКИ *жерг.* эгерде; *әгәреки мерген, бүтүн бовосо, эртеге көрөвүз.*

ӘГӘРТ *өзг., жерг. к.* эгәт; *тәмәкинин әгәрти чоң, көрсөң.*

ӘГӘТ *түшт.* кыр арыкча; тамекиге әгәт тарттык («әгәт» тамеки, паха, жүгөрү сыяктуу өсүмдүктөргө; «жөөк» коон, дарбыз,

бадыраң сыяктуу өсүмдүктөргө тартылат).

ӘГӘЧ *батк.* эгер; *әгәч бүгүн келвесең капа болот.*

ӘДӘП *түшт.* адеп, тартип; *кыздардын әдәви бар, мен йәм шол жерде болгомун, билемин.*

ӘДӘПТW *жерг.* адептүү, тартиптүү; *бул жүдә әдәптүw, элиги атың өчкүр Тилләвәй ону билвейт.*

ӘДӘМЕК *пам.* өрүктүн кош данегин эки адам бөлүп жеп, малдешке байге коюп, кезиккенде салам берип, анда «ыя, ә» дебестен, «эсимде» деген сөз менен жооп берип ойноо жөрөлгөсү (эгерде киши «эсимде» деген сөздү айтпастан туруп «әә» деп жиберсе уттуруп коёт); *әдәмек ойнойлуву?* (бул оюн эсти баамдоо үчүн ойнолот).

ӘДИ *пам.* 1. укук, акы; сана сөз әйтишкә онун әди эмес; 2. *лейл.* чен; *мас болуп әдидән ашып кетти* (сал. ади, адый); **әдиңдән ашпа** *жжол.* көтөрүлбө, көтөрүлүп сүйлөбө; *бир кезде элде нан жок, ун жок ачкачылык болгон, әдиңден ашпай жүр*; **әдинди бил** *пам.* өз ишинди бил, өз жолунду бил, өз тавагын тарт; *тым эле койчу энесиге барат деве, сен өз әдиңди бил.*

ӘДИЙӘ *ал., пам., зам., ноок., батк.* тойго алып келинген кошумча мал, товар, пул; *әдийә әдийәгә карыз* (мак.).

ӘДИЙӘКӘЧ *ал., пам., ноок., батк.* 1. тойго кошумча, ынтымак берген киши; *әдийәкәчкә көп берет* (тойго кошумча берген кишиге тойдон кийин дасторконду кур бербей ырым кылып бир нерсе: кездеме, нан, эт ж.б. берет); 2. тойго «сурпа ачтыдан» кийин жакын адамдарды той алдына чакырып, коноктоо жөрөлгөсү; *өзүтө тым кой, билгенидей әдийәкәч өткөрсүн.*

ӘДИЙӘЧИ *өзг. к.* әдийәкәч; *әдийәчиләрди тосуш үчүн ат жөнөттүк.*

ӘДИЛ *лейл.* кийимдин жакасы менен өнүрүнө же этегинин четине бышык болсун үчүн тигилген жээк (кээде ал «жээк» деп деле атала берет); *әдил менен бастырып койот.*

ӘДИМ *пам.* 1. кооз, сулуу, көркөм; мыкты, чыгаан; *әдими заада бото көз*; 2. адеп; *әдими жакшы ыргалым.*

ӘДИРЕС *зам. к.* адрес; *әдирес кийип дүwлаган неме баласыны атасыдан ажыратам деп ойлойт көрүнөт.*

ӘДИРЕКӨW *батк.* 1. орто жери дөңсө – дөңсө болгон (тоо этигиндеги) айдоо талаасы; *әдирекөwдө боз адыр бар*; 2. жердин аты; *козуну әдирекөwдөгү койчудан алдык.*

ӘДИС *жерг.* 1. көзгө атар мерген; *көзгө аткан әдис эде, ол әм бизге әмәки болгон*; 2. *зам.* айла; *Әбдирәйимдә күч жок, әдис бар.*

ӘДИСӘ *жерг., зам.* кокустук; *әтийәт кыл, бир әдисә болвосун.*

ӘДИСЕ *түшт.* буйдалуу, көзгө чалдыкпоо; *эмне әдисе болду, олор биз менен бармак эле.*

ӘДРЕТ *өзг., суз.* салт; *илгеркинин әдрети, олорду не десе болот?!*

ӘДРЕТТҮW *өзг., суз.* салттуу; *әдреттүw кыз берген, мана бергиле деп сураткан.*

ӘЖӘӘМ *батк.* кубулма; *о жеткен бир әжәәм да, сенен әм сурайт, онон әм сурайт.*

ӘЖӘЙИП *жерг., пам., зам.* ажайып кызык; *ол жүдә әжәйип болуп калыптыр.*

ӘЖӘЙИПКАНА *түшт., ичк. к.* ажап; *әжәп жинди экенсиң, бейзар кылдын ахы*; **әжәп бир хэйрән экенсиң** *жерг. өтө кызык экенсиң.*

ӘЖӘПГИНӘ *өзг. к.* ажапкана.

ӘЖӘТ *өзг.* 1. кайыр, садага; 2.

арбакка арнап чыгарылган жыт; *арвакка арнап әжәт чыгарып койолу*; 3. *пам.*, *ал*, кудурет; *әжәтиң жетсе жар ойно.*

ӘЖӘТКАНА *өзг.* дааратқана; *аксакал әжәтканага кетти, ого тийве.*

ӘЖЕ *ккырг.* чоң эне; *әжәвиз үйгө кеттиви, сенден нени сурады?*

ӘЖИДӘӘР *өзг.* ажыдаар; *өңү эң эле жаман әжидәәрдәй болуп.*

ӘЖИЗӘДИ *батк.* кымбаттуу, урматтуу адам (көбүнчө кыз балага карата айтылат); *әжизәдимдин карайган эки көзүн көрөмбү?*

ӘЖИЛ *зам.* асыл; *әжекем әжил, чачбагы жашыл* (таб. сагызган).

ӘЖИМ *түшт.* уруунун аты; *түштүктөгү сайактардын ичинде әжим тову жашаган.*

ӘЖИНӘ *лейл.*, *жерг.* 1. ажына; 2. *өтм.* секелек кыз (көбүнчө кичинекей кызды эркелеткенде айтылат); *әжиненин күлгөнүнү кара.*

ӘЖИР *батк.* кум аралаш чопо.

ӘЗӘЛ *өзг.* эзел; *әзәлдән берки адаты.*

ӘЗАЛӘВӘТТӘН *батк.* илгертеден, байыртадан; *әзәләвәттән бери ушундай сөз бар.*

ӘЗӘЛДӘ *өзг.* эзелде, эч качан; *әзәлдә мындай кызды көрвөдүм.*

ӘЗӘЛИ *пам.*, *ар.*, *өзг.* 1. эзели; *әзәли үстүнө тон кийвеген неме*; 2. башынан әзәли жөнөгөндө эле бирдеме болчуудай эле; 3. *пам.* түбү, акыры; *әзәли мениki деп эде.*

ӘЗӘЛТӘН *ичк.* эзелтен; *әзәлтән бәндә шул экен.*

ӘЗӘМ I *зам.* 1. өтө зор, өтө чоң ыйык; 2. адамдын аты; *әзәм адам экен.*

ӘЗӘМ II: ол әзәм – бул әзәм *батк.* балдардын ойнунун бир түрү; *ол әзәм – бул әзәмде гәрәни көп кәлтәк жейт* (он чакты – жыйырма чакты эркек бала тегерек тартып, согончогун жерге тийгизип, бутунун башын өйдө көтөрүп, такымдан эшилген жоолукту өткөрүп, ортодогу бала аны кармоого аракет кылып, беркилер карматпай жонго чаап ойноо).

ӘЗӘП *ичк.* азан; *әзәп тартып узак жерден келипсиң.*

ӘЗӘР *пам.*, *жерг.* 1. бук, капа, кайгы; **әзәр берве** көңүл чөгөрбөө, капа кылбоо, жипкирбөө; *көңүлгө әзәр берве*; **әзәр өткөр** *ыкарат өткөр, азап чектир*; *ого күйөwү көп әзәр өткөрдү*; 2. *өзг.* тобо, шерт; *аракты экинчи ичпөөгө әзәр кылдым.*

ӘЗӘРИ *жерг.*, *миф.* шайтандын атасы; *шайтандын атасы әзәри беде?*

ӘЗБИРӘЙ *өзг.* чын берилип элжирегендик; *әзбирәй көңүл сүйгөн.*

ӘЗВӘЛӘЙӘМ *батк.* килтейген; *бир жылан көрдүм әзвәләйәм эмес экен.*

ӘЗЗӘ *пам.* аял, катын; *әззә дегендей өзүң да тарта сүйлө.*

ӘЗЗӘЛИ *к.* эзели.

ӘЗИЗ *жерг.*, *өзг.*, *батк.* 1. азиз, кымбаттуу; *әзиз досума салам*; 2. ыйык; *әзиз кол менен кармады*; 3. *батк. өтм.* илгери «ак сөөк» деп аталган адам жашаган жер же мазар; 4. *өтм.* эрке; *оо, ол әзиз бала экен*; 5. бош, бошоң, чыйрак эмес; *өтө эле әзиз экенсиң, суукка чыдавадың.*

ӘЗИЗӘӘР *батк.* ажыдаар; *әзизәәрди көрвөдүм.*

ӘЗИЗЕК *зам.* тили жаны чыгып келе жаткан бала; *тили чүчүк әзизек тилеп алган жалгыз кыз.*

ӘЗИЛ I *жерг.* асили; *әзил турмушуң кайакта?*

ӘЗИЛ II *түшт.* 1. тамаша, шылдың; *анча – мынча әзил сүйлөдү*; 2. *өзг.*, *лейл.*, *өтм.* оңой, оңой – олтоң; *көпүрүктү жутуш әзил эмес.*

ӘЗИЛӘКӘМ *өзг.* 1. бир топ, бир

кыйла, бир далай; *әзиләкәм оңой эмес көрүнөт*; 2. *батк. өтм.* тамаша; *әзәләкәм айтса, ишенип алыпсың.*

ӘЗИЛДӘ *ичк.* тамашала; *мен әзилдәп сүйлөдүм.*

ӘЗИЛДЕШ *түшт.* тамашалашуу, шылдындашуу; *Әзилдешкенсип күлүмсүрөп айтты.*

ӘЗИЛКӘШ *пам.* азилкеч; *эки дос әзилкеш болсо жәрәшәт, эки мас әзилкәш болсо кармашат* (мак.).

ӘЗИЛКЕЧТҮҮ *түшт.* жылдыздуу, сүйгүнчүктүү; *әзилкечтүү адамга окшойт.*

ӘЗИМ: **әзим адам** *жерг.* сымбаттуу киши; *бул әзим адам болуптур*; **балоойи әзим** *жерг.* укмуш; *сен балоойи әзим экенсиң, билвей жүрүппүз.*

ӘЗИР *лейл.* канымдат ойнунда таа түшкөн чүкө (сал. вәзир); *әзир түшүп кубулат.*

ӘЙ *өзг.* ай (сырдык сөз); *әй–әй, балам, секин жүр*!

ӘЙӘ I *жерг.* не; *атамдын өңүн әйә билем, әйә билвейм.*

ӘЙӘ II *зам.* ага, аке; *әйәси алып кетти.*

ӘЙӘЙ *батк., терг.* кызамык оорусу; *әйәй чыкты.*

ӘЙӘЙЧИ *жерг.* ууга чыкканда айдакчылык кылган адам; *шериктер әйәйчи болуп үркүтүп берет.*

ӘЙӘЛПӘРӘЗ *батк.* катынбаакы; *сен да әйәлпәрәзсиң.*

ӘЙӘН *пам.* оттолбой калган жер; *быйыл кыштowдун оту әйән калды.*

ӘЙӘТ *лейл.* чарвак, короо; *колуну бәйләп әйәткә чыгарып койот.*

ӘЙВӘН *ичк. к.* айван; *үйдүн әйвәни бузулуп калды.*

ӘЙВӘРТ *ичк.* айват; *әйвәрт менен келет.*

ӘЙДӘ *түшт.* бир нерсени айдоо; *Ашар, Галча, жылкы әйдә, жылкы әйдәсәң әстә әйдә.*

ӘЙДӘМӘ *жерг.* чапма жорго; *әйдәмәләрди аз көрдүм.*

ӘЙДИН *зам.* 1. жарык; *ай әйдин болсо кыз–келиндер ойношот*; 2. ачык, жарык ээн жер (түн ичинде).

ӘЙДӨW *батк.* айдоо; *әгәрәт әйдөwгө рухсат бериптир.*

ӘЙИӘ *зам.* ооба; *әйиә, жалгызды тирүү койсочу.*

ӘЙИЛ *жерг.* айыл; *әйиә–үйгө кирвеген owур келин.*

ӘЙИЛЧИ *жерг.* айылчы; *әйилчи катынның баласы оппаа дейт.*

ӘЙИМПӘШӘ *өзг., терг.* мышык; *әйимпәшә тууду.*

ӘЙКӘЛ *батк.* эстелик; *кулуптун алдыга Лениндин әйкәлин койгон.*

ӘЙЛӘ *өзг.* айла; *әйләмди йәмән кетирдиң.*

ӘЙЛӘМӘ *жерг.* 1. туташ айланта арык – чөнөк ийрилип салынган айдоо аянты; *мурун әйләмә кылып эгет эдек*; 2. айланма; темтең оору; *әйләмә болуп owруган жылкы эде.*

ӘЙЛӘН *пам.* айлан; *әйләнтип үйдөн чыкпадың.*

ӘЙЛӘНДИРМӘЙ: кол әйләндирмәй *жерг.* чикит ойнунда оң колду айландырып чикит чабуу фазасы.

ӘЙЛӘНЧЕЛЕК *пам.* айланкөчөк ойну; *әйләнчелек–әйләнчелек, жыгылбаган мен бир чечек.*

ӘЙЛӘНМӘ *пам.* 1. суунун ийрими, айланпасы; *әйләнмәңә кайырмак сал*; 2. суудагы балыктын жыш жери.

ӘЙНЕК *чатк., өзг.* 1. айнек; 2. *өтм.* селки, бойго жеткен кыз; *жук үстүндө әйнегим.*

ӘЙНИ *жерг., зам., лейл.* так кызуу учурда, иштин ортосунда; *әйни иштин кызык вахтыда ишти таштап кетти.*

ӘЙӨW: әйөw–әйөw *батк.* чымчыктарды куу – куулаганда

айтылуучу сырдык сөз; *әйт–әйт куw–куw, гәлә–гәлә куw–куw, әйөw–әйөw.*

ӘЙРӘН I *чатк.* айран; *әйрәндән кошуп койсо.*

ӘЙРӘН II *пам.* айран (таңыркоо); *мунун кылыгыга әйрән калдым.*

ӘЙРИЛ *жерг.* айрыл; *өгүз өлдү–ортак әйрилди* (мак.).

ӘЙТ I *ичк.* айт; *атыңды әйтсәм эл билет.*

ӘЙТ II: **әйт–әйт** *батк.* айт – айт (сырдык сөз); *әйт–әйт куw–куw.*

ӘЙТТИК *батк., жерг.* куда түшкөн болочокку келинге ар жылы айт сайын көйнөк – кече, жоолук, ар кыл кийим – кечек сый берүү жөрөлгөсү; *әйттигиң деп кийим, мал алып келет эде.*

ӘЙТМӘКЧИ *жерг.* айтмакчы; *әйтмәкчи, о алыскы жерде калды.*

ӘЙТҮWҮ *жерг.* уу – дуу, даңаза сөз; *пәттәсинән йәм әйтүwү–карман, намызыңа мәкәм бол.*

ӘЙХӘЙ *жерг. к.* 1. айгай; *әйхәй салып жүрө берет*; 2. ой – бо – ой (сырдык сөз); *әйхәй балам, чевердеп жүр.*

ӘЙХӘЙЛӘ *жерг. к.* айгайла; *кечкече әйхәйләшип отура бересиңерби?*

ӘЙЧӘЧИ, ӘЙЧӨӨЧ *өзг.* өсүмдүктүн аты; *әйчәчинин мәйдә сары гүлү.*

ӘЙШЕНЕ *өзг.* аяш эне; *досумдун апасы маңа әйшене болот* (бул жерде «аяш эне» деп айтуу одоно сезилет).

ӘК *батк., пам.* акиташ; *әк таштан алып кел.*

ӘКӘ *түшт.* 1. ага, агай; ава, аваке; 2. байке, байыке; *койуңуз әкәм урушат*; 3. өзүнөн улуу эркек кишилерге кайрылуу сөз; *әкә, сизди апам чакырып жатат*; **әкә–үкә** ага – ини; *әкә–үкә болушуп атасы менен энесини издейт*; **әмәки әкә** *пам.* алысыраак тууганчылыгы бар ага; *әмәки әкә дейт эде*; **каравай әкә** *жерг., терг.* казан; *каравай әкә жыгылды, калкынын баары жыйылды* (таб. 1. казан, табак – аяк, бычак – кашык; 2. үстүн, торсун, васа, бадыра ж.б.).

ӘКӘВӘН *суз.* жүк жыюучу текче; *жүктү әкәвән койуп жыйнар элек.*

ӘКӘВӘЙ *жжол.* акыйнек айтыш; *әкәвәй салган алты кыз.*

ӘКӘЛ: **әкәл–үкәл** *батк.* ага – инилүү; *әкәл–үкәл балдардай жүрсө.*

ӘКӘЛӘ I *жжол., суз.* оромпай тебүү; *әстә–секин әкәлә.*

ӘКӘЛӘ II *өзг.* акеле, байкеле, агала; *әкәләсәң саңа кайрылат.*

ӘКӘЛӘМӘЙ *лейл.* жип менен секирип ойнолуучу оюн; *топтолгон кыздар әкәләмәй ойноп жатышат.*

ӘКӘЛӘМӘРТТӘ *батк.* эч болбогондо, кур дегенде; *әкәләмәрттә, алдывызга чай койгонго жәрәвәди.*

ӘКӘЛӘТ *түшт.* акелет, байкелет, агалат; *әкәләтип сураттың.*

ӘКӘЛИК *түшт.* агалык; *әкәлик сөз агалык сөз* (улуу ага инисине турмуш, оокат – жай, келээр – кетээр иш, морал ж.б. жөнүндө өзүнүн акыл – насаатын айтууга милдеттүү сөз); *менин әкәлик сөзүмдү тыңда.*

ӘКӘЛҮ: **әкәлү–үкөлү** *жерг.* ага – инилүү; *биз әкәлү–үкәлүвүз.*

ӘКӘСИ *пам.* акетай; *әкәси мени билбей жүргөн экен*

ӘКӘЧӘ *пам.* кичине ага; *аркар әкәчә, гулжа бий*; *сады эле көкмөк мурза бий* (мак.).

ӘКӘЖАН *түшт.* агатай, абакебай; *әкәжан, бизди айта көрвө!*

ӘКБӘРИ *зам. к.* әккәри; *әкбәри кийген бутуң бар.*

ӘКЕЙ *суз.* акесине эркелеп кайрылуу; *уктап жатат әкейим.*

ӘКЕЛЕ *түшт.* аке деп айттыруу; *әкелеп айт, өлвөсөк окутавыз.*

ӘКИЛ *алб.* оромпай.

ӘКИЛӘ *суз., пам.* акта; *жемиш бактарынын түгүн әкиләйт.*

ӘКИЛДӘМӘК *карс.* мак – мак ойну; *жүргүлө, әкилдәмәк ойнойлу.*

ӘКИЛДӘ *алб.* оромпай тебүү; *әкилдәп баратып жыгылып түштү.*

ӘКИМ *түшт., эск.* Кокон, Бухара хандыгынын учурундагы чоң бир аймактын (округ, област) башкаруучусу; *әкимдер о вакта кулагын салып укпаган.*

ӘКИС *өзг., лейл., жерг., пам., ноок.* 1. көк, чыр адам; *әкис адам эч нерсе сүйвөйт;* 2. туталак оорусу бар адам; *бир нерсеге кайгырса, әкиси кармайт;* 3. *өтм.* тил азар; *о әкис, жумшасаң тил алвайт;* 4. *ноок.* уруунун аты; *биз әкистәрдән боловуз.*

ӘКИСМӘН *жерг., өзг.* туталак, талма оорусу бар адам; *әкисмән болгон киши.*

ӘКИСТӘ *лейл., ноок.* кыйыктан, кежирлен; *ол әкистәнип калды.*

ӘКИСТӘН *өзг.* чыргоолонуу; *эмне болгон бүгүн аның әкистәнип калыптыр.*

ӘКИСТИК *пам.* көктүк, чырлык; *әкистигиң дүйнөдө жок.*

ӘКИТӘ *суз.* эки, экөө; *әкитә айдан кийин пәриктери чыгат.*

ӘКИЧИ *пам.* актоочу киши; *әкичинин колудан бәәри жок келет.*

ӘККӘ I *өзг., суз.* сагызган; *әккәдән куш кылсаң колго жарашпас, жамандан бий кылсаң элге жарашпас* (мак.); **әккә–дүккә** *батк.* кез – кезде, анда – мында; *әккә–дүккә бе̇рет эде;* **әккә чыч** *зам.* «ак пааша» ойнунда жеңилген адамдын башына түкүрүп жазалоо фазасы; *әккә чыч дегенде балдар көнбөй койду.*

ӘККӘ II *пам.* ооба; *–жок, кар улуw. – Кар улуwу? – Әккә.*

ӘККӘЗИЧИ *өзг.* чек арачы; *аңгыча ыштапка әккәзичиләр келип калды.*

ӘККӘЛӘ *батк.* оромпай тээп кубалоо; *чызыктын ичиде әккәлән куwат.*

ӘККӘРИ *өзг.* жалтырак булгаары менен кончтолуп, бийик така салынып жасалган өтүк; *бутуна әккәри кийгенби дейм.*

ӘККӘС *батк.* коркунуч; *ол жүдә әм әккәс.*

ӘККИЙӘ *өзг.* жөн – жай, шарт; *адам болгондон кийин әккийәгә түшүнүш керек.*

ӘКЛӘ *батк.* акта; *биз үйдү әклейвиз.*

ӘКПӘР: **оллоо әкпәр** *өзг.* алоо акпар; *оллоо әкпәр, көп жаша, балам.*

ӘКРӘП *лейл. к.* акраб; *жәйлөwдөн әкрәпдә түшүп келчү эдек.*

ӘКСӘР I *лейл.* аскер; *бу төрөңдүн әксәри Кокон качты.*

ӘКСӘР II *лейл.* уунун калдыгы; *заарынын әксәри каган;* **әксәр кыл** *батк.* ызалан; *әксәр кылып урушуп кеттим.*

ӘКСӘРИЙӘТ *жерг.* көпчүлүк; *әксәрийәт адамдар колхоздун ишиде.*

ӘКТЕ *түшт.* үйдү акиташ менен актоо; *үйдү шывады, әктеди.*

ӘКҮРЧӨК *өзг.* бут кийимдин ички апкыты; *о жаткан әкүрчөкпү?*

ӘКҮШНИК *базк., суз.* пахта аянтынын топурагын майдалап, жумшартуу үчүн колдонулуучу курал; *шол куралды биз әкүшник дейвиз, отоо чөптү арылтат, турпакты жумшартат.*

ӘЛ I *лейл.* синирүү; *жегени әл болводу.*

ӘЛ II *ичк.* ал, күч, кубат; *әли жетсе көп ырдайт.*

ӘЛӘ *өзг.* ала; *әлә, суу ичип калды.*

ӘЛӘӘМ, ӘЛӘӘН *түшт.* 1. кыжыр, ачуу; **әләәм кыл** ачуулан, кыжырдан, туттук; *әләәм кылуучу адамга сөз айтпа;* 2. ыза; *коңур палван жыгылганына әләәм кылып бу тойго келвептир;* 3. намыс *пам.*

Таластын гәви Манасты әләәмгә калтырат (Памирде айтылган «Манас» эпосунда Талас кишинин аты катары айтылат); **әләәми келди** ачуусу келди, каарданды; *әләми келип үйүгө барат*; **әләәм кылсаң, туз жала** ◊ *лейл.* ичиң күйсө туз жала; *көчүгүңдү ташка кой.*

ӘЛӘӘТ *батк.* дарман; *әләәти жок.*

ӘЛӘБҮЖҮ *батк.* мокочо; *әләбүжү болуп коркутпай эле кой.*

ӘЛӘЙДӘ, ӘЛӘЙИДӘ, ӘЛӘЙНӘ ӘЛӘЙНИ, ӘЛӘЙНЕ *лейл.* 1. даана, ачык, так; *ол әләйдә бир кийиз болот*; 2. *пам., батк.*, өзүнчө, бөлөк, жеке; *мол тургудай әләйидә жәй салам.*

ӘЛӘК *батк., жжол.* колдо токулган пахта көздемесинин бир түрү; *әләги тон болот эде.*

ӘЛӘКӘТ *өзг.* аракет; *әләкәткә салат да.*

ӘЛӘКӘТТҮҮ *өзг.* аракет; *әләкәткә салат да.*

ӘЛӘКҮШ: **әләкүш–әләкүш** *пам.* сырдык сөз (итти тукурганда айтылат); *әләкүш– әләкүш деп итке айтат.*

ӘЛӘЛ *батк., жерг., лейл.* адал; *эшектин гөшү арам, күчү әләл* (мак.); **аш әләл** *лейл.* менчик мал баккан адамга кезегинде (эртең менен же кечинде) берилүүчү ысык тамак; *аш әләл кыл, тойсун, капа болбосун.*

ӘЛӘЛӘЙ: **әләләй пүпүп** *суз.* үпүп; *әләләй пүпүп конуп отурат.*

ӘЛӘЛДӘ *өзг.* адалда; *ар нерсени әләлдәгән дурус.*

ӘЛӘЛДӘТ *өзг.* жаш баланы отургузуу; *баламын колуну әләлдәтәйин дедим эде.*

ӘЛӘЛИ *суз.* акыркы, акырында, ошентсе да; *әләли максатына жеттиң, уулум.*

ӘЛӘЛИБАТ *лейл.* сырдык сөз (кубангандыкты, жактыргандыкты, ырааазы болгондукту билдирет); *әләлибат, шол алып кетти.*

ӘЛӘЛИГӘ *батк.* өз бетинче, өз алдынча; *атадан алтоw болсо, әләлигә* (мак.).

ӘЛӘМ I *зам.* мазарга, көрүстөнгө ырымдалып байланган чүпүрөк; *мәзарга әләм тагаттар.*

ӘЛӘМ II: **әләм–әләм** *ноок.* 1. айрөк – айрөк; 2. көрө албастык, ичи тардык, ич күйгөндүк; *әләм кысаң мурдуңду тиште* ◊ *ичиң күйсө туз жала.*

ӘЛӘМЖӘӘН *лейл., өзг., ар.* 1. көп, мол, чексиз; көтөргөн әләмжәән жүгү бар (сал. таж. олам «жер, дүйнө» жахон «жүз»); 2. *жжол.* алда канча; *әләмжәән эрте чыгып, кечиндеси кеч келевиз.*

ӘЛӘН *батк.* жарыя, кулактандыруу; *колхоздун пиләни толду деп азыр әлән кылды.*

ӘЛӘНГИ *зам.* 1. оттун табы, жалыны; 2. *өтм.* адамдын күйүп – бышып жалындашы; *жаныбай чыгат әләнгим.*

ӘЛӘНГИЧӘН *пам.* ушул убакка чейин; *әләнгичән келведи, бир адам кегендир үйүгө.*

ӘЛӘТ *ноок.* ал – күч, кубат; *әләттән тайып калыптыр.*

ӘЛӘТТӘ *пам.* сыягы; *әләттә сенин колуңдан әр нерсе келет.*

ӘЛӘХИДӘ *жерг.* 1. бөлөк, өзүнчө, жекече; *бирөwүнү әләхидә алып кел*; 2. *зам.* өзгөчө; *көрпө–төшөк жыйат әләхидә.*

ӘЛӘЧӘ *батк.* алача (товардын бир түрү); *әләчәдән көрпө кылыптыр.*

ӘЛӘШӘ *жерг.* ала – була түстөгү жылкы; *дайым менин мингеним әләшәдир.*

ӘЛБӘТ (ӘЛИВЕТ) *пам.* сөзсүз, шексиз; *әлбәт, әлбәт кат жазган.*

ӘЛБӘТТӘ *өзг.* албетте; *әлбәттә окуусуз көз ачылвайт.*

ӘЛВӘ *өзг., ноок.* желе турган коюу тамактардын, жемиш мөмөлөрүнүн бир топ туруп, эзилип таттуу болуп калышы; *тоң городон әлвә пүтөт* (мак. сал. халва).

ӘЛВАШИР *пам.* бал таттуу; *әлвәшир* (алвашир) *берсең да жевейм.*

ӘЛВӘСТЕ *батк., өзг. к.* абдесте; *әлвәстени алып колго суу куй.*

ӘЛГИ (ӘЛЕГИ, ӘЛИГИ) *лейл.* алиги; *шондо әлги әйели кошо алвайт.*

ӘЛГИНДӘЙ *өзг.* алигидей, алигиндей; *әлигиндәй таттууңнан бер.*

ӘЛДӘ I: **әлдә–гәлдә** *батк.* алдап – салдоо; *әлдәп–гәлдәп келдик.*

ӘЛДӘ II: **бир әлдә** *суз.* начар, азыңкы; *тоова, жаш эле туруп мынча бир әлдәсиң.*

ӘЛДӘТУРПӘ *батк.* 1. алда – кандай; 2. оргу – баргы; *бу киши әлдәтурпә.*

ӘЛДӘШ I *пам., өзг.* сырдаш, пикирлеш; *келип турсаң боло, әлдәшип туралы.*

ӘЛДӘШ II *пам.* курбу, курдаш, теңтуш, сырдаш; *сен менин әлдәшимсиң* (көбүнчө кыздар бири – бирине карата колдонот).

ӘЛДЕ *батк.* чикит ойнунда таяк жата турган чуңкурча; *чики баланы әлдеге карай бургайт.*

ӘЛДИР: **әлдир–гәлдир** *батк.* эси жок адам; *ол әлдир–гәлдир адам, гәвинин тәйни жок.*

ӘЛЖИ *батк.* алчы; *ашык әлжи, тава, пөкө, чикә, оңко болот.*

ӘЛЖИДИ *батк.* төрт – беш метр аралыкта топ тыйынды атышып ойноо жөрөлгөсү; *жүр, беш тыйындан әлжиди ойнойвуз.*

ӘЛЖИТ *батк.* чүкөнү алчы кондуруу; *ашыкты әлжитәт.*

ӘЛЖИТМӘЙ *өзг.* чүкө ойнунун бир түрү (сака өкчөгөндө алчы конгондо сайган буюмдарды утуп алат); *әлжитмәй ойношту.*

ӘЛЕН: **әлен нан** *өзг.* нандын бир түрү; *әлен нанды туурадым, ашыктуу жилик мүлжүдүм.*

ӘЛЕТ *пам.* өң – түс, кебете – кепшир; *кечке топурак менен ойноп әлети жок* (түндүк говорлордо бул сөз «өң – алат» деген кош сөздүн составында гана учурайт).

ӘЛИ I *өзг.* кечке маал; *сиз әли келиң.*

ӘЛИ II *лейл.* улам; *әли буйагыга ownайт, әли ойагыга ownайт*; **әли әм** *батк.* дагы эле; *әли әм келе элекпи?*

ӘЛИ III: **әли–пәли** *ал.* 1. мамиле; *әли–пәлиң болвосо адам болвойсуң*; 2. ана – мына деө, коё турга келүү; *әли–пәлиге келвестен камчы менен тартып живерди*; **әли–сәллә** *зам.* сырдык сөз (алгыла, кармагыла, жойгула деген мааниде. Илгери молдолор бирөөнү жазалагысы келесе, ушул сөздү айтышкан экен).

ӘЛИВӘЙТӘРИ *ноок.* кумшекер кошуп, боткодон суюгураак жасаган тамак; *әливәйтәрини жүдә ширин жасапсыз.*

ӘЛИГЕРИМ *жжол.* ушул убакка чейин; *әлигери иләгәнчә жокпу?*

ӘЛИЙЭР: **әлийәр шабдаалы** *өзг. к.* айлар шабдаалы.

ӘЛИК I *жерг.* чалуу, ороо (күрөш учурунда); *әлик салып жыгыт*; әлик – сәлик *жерг.* күрөштө чалуунун тажикче ыгы; *салам әлик көз көргөнчөлүк, кыркман жүз калды.*

ӘЛИК II *батк.* аруу оорусу; *әлик болуп ownруду.*

ӘЛИМ I: **әлим–бәрим** *өзг.* орто, мээлүн; *үйдү әлим–бәрим ысыт.*

ӘЛИМ II: **әлимин** *ал., ноок.* кыябын бил; *әлимин алып, гәп ур.*

ӘЛИМИН *түшт.* алюминий; *әлимин кәсә, әлимин тавак бар.*

ӘЛИР *пам.* «ууруну тап»

ойнундагы жетинчи кишинин аты; *ого әлир деп ат койот.*

ӘЛЛӘ I *жерг.* 1. жашынмак, ак чөөлмөк ойнунда чуркап келип жерге түкүрө турган чек жер; 2. *батк.* чикиттин баласын чаба турган чуңкур; *әллә казып, чикилдәк ойнойвуз.*

ӘЛЛӘII: **әллә кыл** – *батк.* 1. алдей – алдей кыл (баланы соорот); 2. табалоо, шылдындап мооку кануу; *әллә кылып, жерге чаптык.*

ӘЛЛӘЙӨW *батк.* алдей – алдей; *жакшына гана баласың, кандек өрүк дәнәсиң, укта козучаагым, әлләйөw – әлләйөw!*

ӘЛЛӘМ: **әлләм – дүлләм** *батк.* оюндун аты (жаш балдар буттарынын баштарын тийиштирип, санап: «әлләм – дүлләм, кожо кәлләм, энең кайакка кетти?. — сuwга кетти – качан келер? – жаз келер, былдыр – быз, көтүң кыс» деген сөздөрдү айтып ойношот).

ӘЛЛӘҢ: **әллән – биллән** *батк.* чикит ойнунда баласын элөө; *чикилдәктә үчтә әллән – биллән кылды.*

ӘЛЛӘС *батк., лейл., жерг., өзг.* атлас кездемеси; *әллас көйнөк кийген ким?* (атлас жол – жол түрүнө карай: начары – «төрт тепкилик», ортончусу «алты тепкилик», андан жогоркусу «сегиз тепкилик», мыктылары «он, он эки тепкилик», кан әллас деп аталат); **памашам әллас** *ноок.* кара гүлдүү атлас.

ӘЛЛИ: **әлли – әлли** *түшт.* алдей – алдей; *әлли – әлли, балам, ыйлава.*

ӘЛМӘӘЛ *батк.* катуу ооруп, тилден калайын деп калган учур; *араң әлмәәл жатат* (сал. нәәмәәл).

ӘЛМӘЙИШ *жерг.* өз ара катыш, байланыш; *әлмәйиш кылып жүрөт.*

ӘЛМӘРС *жерг.* курч болот; *әлмәрстән ар кыл нерсе жасаган.*

ӘЛМИН: **гүлү алмин** *жерг.* сайманын бир түрү; *гүлү әлмин жорот.*

ӘЛӨЛӨЙ *пам.* айрөктөөнү билдирүүчү сөз; *әлөлөй – әлөлөй уйат.*

ӘЛӨШӨ *өзг.* тракторго чегилген чана; *әлөшө менен чөп ташыйм.*

ӘЛПӘРӘЗ *жерг.* 1. митаам; 2. урушчаак; 3. илгерки тажик элинин «Аалы пайгамбарга» сыйынган тобу; *әлпәрәз – тәжиктердин бир түрү;* 4. ачуулуу, каардуу адам; *о әлпәрәз турвайвы.*

ӘЛТИКЕ *лейл.* илгерки уруу, топтун аты; *кыпчактын бир тову әлтике деп аталат.*

ӘЛЧӘ *батк.* оюнда белгиленген маара жер; *әлчәгә келип кетти.*

ӘЛЧӘДИЙӘР *пам.* каламбур, сөз ойнунун ыр түрүндөгү формасы (мунун тексти төмөнкүдөй: әлчәдийәр бир болот, айтса көңүл кир толот; әлчәдийәр экидир айрылыш жолдун беркидир; әлчәдийәр үч болот, атан төwгө күч толот; әлчәдийәр төрт болот, эки бир туwгән урушса, орто жерге өч толот; әлчәдийәр беш болот, эки туwган эш болот; әлчәдийәр алтыдыр, базардагы мантыдыр; әлчәдийәр жетидир, азапты тарткан жетимдир; әлчәдийәр сегиздир, эчки туwса эгиздир; әлчәдийәр тогуздур, тегирмен бузган богуздур; әлчәдийәр он болот, айап кийсе тон болот; әлчәдийәр он бирдир, чарвадарда мал миндир; әлчәдийәр он эки, ак жүгөнү шореки, әлчәдийәр он үчтүр, алганынды көнүштүр; әлчәдийәр он төрттүр, бай – манапта мал көптүр; әлчәдийәр он бештир, ак живектен шоону эштир; әлчәдийәр он алты, байлар кийет манатты; әлчәдийәр он жети, чарбадарда мал жети; әлчәдийәр он сегиз, чарвадарда мал семиз; әлчәдийәр он тогуз, байлар кийет бир тогуз; әлчәдийәр жыйырма, жоргону минсең сыдырма, жолуксаң гожой гыдырга).

ӘЛЧИ *өзг.* чүкө; *бүгүн биз жака кел, әлчи ойнойвуз.*

ӘЛЧИМБӘР *жерг.* аялдар кийе турган баалуу сырт кийим; *әлчимбәр кийип тойго барчувуз.*

ӘМ *түшт.* да; *ол әм әскәргә барып келген* (сал. таж. хам).

ӘМӘ I *өзг.* баары, бүт, жалпы, толук (сал. әммә); *әлдин әмәси жумушка баратыр*; **әмә жоктон** *өзг.* баары жоктон; *Өзгөн – әмәмә жоктон озгон* (мак.).

ӘМӘ II *өзг.* кыязы, сыягы; *әмә бу чәкәнә көрүнбөйт.*

ӘМӘӘТ *батк.* 1. уруу тобу; 2. жаат; *олор әмәәт болуп кетет.*

ӘМӘӘТТӘШ *батк.* жаатташып бөлүнүшүү; *әмәәттәшип кеттилер.*

ӘМӘКИ *ичк., түшт.* 1. бир нече ата өтүшкөн тууган; *ал менин әмәки эле тувганым;* 2. бир боор.

ӘМӘКИЧИЛИК *ал.* таякечилик; *әмәкичилик кылып жала жават.*

ӘМӘЛ I *өзг., ар.* 1. бийлик, чондук; *әмәли барда жыргады*; 2. жанданuу, оңолуу; *жүзүм әмәл ала баштады*; 3. турмуш, күч жагынан ирденүү, тынуу; *әкәң байагыдай эмес әмәл алып калган*; 4. *ар., лейл.* өнөр, кесип.

ӘМӘЛ II *зам.* март айы (тажиктерге жакын жерлерде ай аттары тажикче аталат; әмәл – март, сөвүр – апрел, жавза – май, саратан – июнь, әсәт – июль, сумбула – август, мизәм – сентябрь, кавыс – ноябрь, акырап – октябрь, жәт – декабрь, ләл – январь, үт – февраль).

ӘМӘЛӘКИН I *пам.* шашпа, коё тур (киринди сөз); *әмәләкин, көзүңө көрсөтөм.*

ӘМӘЛӘКИН II *пам.* бирок; *мен сени келвейт дедим эде, әмәләкин өзүң келдиң.*

ӘМӘЛДӘР *өзг., ар., лейл.* бийлик кызматы бар; *бу киши йәм әмәлдәр.*

ӘМӘЛДҮҮ *өзг. к.* әмәлдәр; *әмәлдүү киши болуп бой көтөрвөчү.*

ӘМӘЛӘЙКИН *пам. к.* әмәләкин; *әмәләйкин мен барсам, шол иштерди бүт бүтүрүп келет эдем.*

ӘМӘЛКӘШ *пам.* 1. амалкөй, амалкеч; *әмәлкәши түлкүдөй*; 2. бийлик самап, бийликке умтулган карьерист (сал. таж. амал+каш<каши – дан умтулуу, жүткүнүү).

ӘМӘЛКӘШТИК *пам.* амалкөйлүк, айлакечтик, айлалуулук, айлакердик; *әмәлкәштиги түлкүдөй.*

ӘМӘЛКӘРӘЗ *батк., жерг.* 1. амалдуу, амалчыл; 2. бийликке маашырканып бой көтөргөн адам; *әмәлпәрәз болуп бой көтөрөт.*

ӘМӘЛПӘРӘЗДИК *батк.* бийликти жакшы көрүүчүлүк, мансапкордук; *мунча ле әмәлпәрәздик кыласың?*

ӘМӘЛПОЗ *өзг.* амалкөй; *жүдә әмәлпоз адам дә.*

ӘМӘЛПОРОЗ *өзг. к.* әмәлпоз; *әмәлпороздор атка мингенде эле семире баштайт.*

ӘМӘЛСАЗЛЫК *батк.* бийликке таянгандык; *жаңы рәйис әмәлсазлык кылып көвүрөөк сүйлөйт.*

ӘМӘЧИ *өзг.* 1. андачы, андабы; *әмәчи, кевесең катык таарынам*; 2. *жжол.* ай ушучу! (сырдык сөз); *әмәчи, өлтүрөм!*

ӘМӘШӘ *зам.* ар дайым, ар убак; *әмәшә өзүң сактай көр.*

ӘМБӘР *ичк.* 1. эгин сакталуучу жай; *әмбәр толтура эгин*; 2. бир центнер өлчөмүндөгү эгин; 3. тегирмендин буудай салынуучу көзү; *әмбәргә бувдайыны салат.*

ӘМБИР *суз. к.* амбыр.

ӘМБҮЗ *өзг.* өтүктү майлай турган буюм; *әмбүз кана?*

ӘМДҮНӘ *лейл.* мечин жыл; *әмдүнә деп жылды айтат.*

ӘМЕКИ *жжол. к.* әмәки; 1.

тұрмуш адамдын әмекеси эмес (*мак.*); 2. *пам. әмеки тuwган бар болсун, ат үстүндө арва дейт, әсти эле үйгө барва дейт* (мак.); **әмеки–тәмеки** *батк.* түпкү ата – бабалары бир кишилердин тобу; *ол биздин әмеки–тәмеки тууган.*

ӘМИЙӘН *суз.* тыйын сала турган кичинекей сомкече; *әмийәнин карады.*

ӘМИЙӘТ *лейл.* талаш, жаат болуп сөз козгоо; *әмийәт талашып жатат.*

ӘМИЛКӘШКӘР *өзг., жерг.* корбашынын буйругун аткаруучу адам; *корбашылар өздөрүнө әмилкәшкәр дайындачу.*

ӘМИН *түшт.* 1. Кокон хандыгынын тушундагы айыл башкарган старосталык чин; *әмин деген ат берген*; 2. *батк.* селолук советтин председатели; *Кыргызбай әмин болуп иштеген* (бул сөз азыр сейрек айтылат).

ӘМИРКӘНИ *түшт.* лакталган бут кийим (өтүк, маасы, кепич); *әмиркәни экен.*

ӘМИРЛӘШКӘР *түшт.* 1. кол башчы, согуш башчысы; 2. аткаруучу; *әмирләшкәр айылга алып кетти.*

ӘМИРСӨВӘТ *өзг.* эрмек; *шу кишиге әмирсөвәт болуп отуруң.*

ӘМИРШАА *жерг.* әмирлердин чоң, бир нече эмирди башкарган адам; *бир кыргыз әмиршаа боғон.*

ӘМЛӘДӘР *жерг.* боюнда бар аял; *о катын әмләдәр боп калыптыр.*

ӘММӘ I *жерг., лейл.* бирок (байламта); *барат эдемуw, әммә иш болуп барвадым.*

ӘММӘ II *батк.* ата менен бир тууган ага, эженин баласы; *әммәм келди үйгө.*

ӘММӘ III *өзг., суз., к.* әмә; *әммәсинә айтып келиң.*

ӘММӘЛЕКИН *батк., жерг., лейл.* бирок дагы; *әммәләкин жаман ишке баспас* («әммә» жана «лекин» деген сөздөр бириккен сөз иретинде бир мааниде колдонулат).

ӘМЛИЙӘК *түшт.* Кокон хандыгынын учурундагы хандыкка тиешелүү болгон жер.

ӘН: **ән үчүн** *пам.* ошон үчүн, ошондуктан, ан үчүн артка калды.

ӘНӘ *батк.* мына; *әнә бүгүн барышат.*

ӘНӘӘТТӘ *батк.* тигил жерде; *әнәәттәги жипти алып берчи.*

ӘНӘВӘ *өзг. к.* әндәвәр; *әнәвәни алып берчи.*

ӘНӘЖӘН *зам.* энеке; *әнәжәним беш чүрпөсү менен калат.*

ӘНӘРӨГҮ *батк.* тетиги, тетигил; *әнәрөгү ким?*

ӘНДӘТАКАР *жерг.* жаш балага шаар көрсөтсө, же башка бир нерсеге үйрөтсө, ал үчүн сый берүү жөрөлгөсү (бир күнкү тамактын расходу төлөнгөн, же башка бир нерсе сатылып берилген). *онун баласы баралек экен, әндәтакар алыптырлар.*

ӘНДӘВӘ *өзг., ар. к.* әндәвәр; *әндәвә болвосо кантем?*; **жыгач әндәвә** *өзг.* жыгачтан (тактайдан) бети тегизделип, туткаланып жасалган шыбак калак.

ӘНДӘВӘР *өзг.* үй шыбоочу калактын бир түрү; *Канат үйдүн сыртын әндәвәр менен шывады.*

ӘНДӘВӘРЛӘ *өзг.* «әндәвәр» менен шыбоо; *тамдын сыртын әндәвәрләди.*

ӘНДӘЗӘ *жерг.* сапат, сын; *әндәзәңди ырдаймын* (таж. андоза).

ӘНДӘЙ *пам.* 1. аябай, аргасыз; *кийин шашпай тур әндәй кыласың*; 2. табалоо маанисинде айтылуучу сырдык сөз; *ә жаман, аз болду, әндәй болду!*

ӘНДӘК: **әндәк–пәндәк** *батк.* андай – мындай; *әндәк–пәндәк гәп чыга верет.*

ӘНДӘЛ *жерг.* чикит ойнундагы бир фаза; *әнди әндәл башталат.*

ӘНДӘЛӘК *өзг.* анделек.

ӘНДӘШӘ *жерг.* 1. күнөм; *ол айылыдан әндәшә кылат;* 2. уялуу, коркуу; *әндәшә кылвай көрчү.*

ӘНДЕК *ноок.* 1. аз гана; 2. *лейл.* бир аздан кийин; *әндәк гана токтой тур.*

ӘНДИ *жерг.* бечара, мусапыр; *бир шәәрдә әнди болдум.*

ӘНЖИ: әнжи мәшкәләт *батк.* майда барат, майда чүйдө, ыпыр – сыпыр; *бизди көздөй көчкүлө, әнжи мәшкәләтти таштагыла.*

ӘНЖИМ *лейл., батк.* 1. ээр токулга (бүт жабдыгы менен); *әнжимиң болсо, алыс көчпө* ◊ ойлонбой иш кылба; *ат, аттын көркү – әнжим* (мак.); 2. жалпы эле үй буюм – тайымдары; **әнжим–әшкәләт** *жерг.* буюм – тайым; *әнжим–әшкәләти жок киши;* **айал әнжим** *пам.* аялдарга тиешелүү ар кыл кооздук буюмдар (чачкеп, сагак, кәләк, чачбак, аркалык, тамак мончок, кулак сырга, төөнөч, билерик, шакек, оймок ж.б. жалпы аты); *айал әнжими йәм көп.*

ӘНЖИМДӘ *жерг.* токулгала; *сувай эркек жылкыдан бирди әнжимдә.*

ӘНЖИР *түшт.* жемиш дарагынын бир түрү (мунун мөмөсү тегерек жалпак болот. Баткен тарапта бул жемиш бир жылда эки жолу түшүм берет жана бир нече түргө бөлүнөт. Ал чакалдак, б.а. калемче жолу менен көбөйтүлөт); **кара чилги әнжир** анжирдин бир түрү (өңү каралжын, майдараак келет); **кавак әнжир** сүйрү, кеч быша турган анжир; *кавак әнжирди шамал какты;* **ак әнжир** *суз.* анжирдин бир түрү; *бир хыл адамдар ак әнжирди көргөн эмес;* **кадата әнжир** *батк.* эти ачуураак, өңү сары майда анжир; **сары чилги әнжир** өңү сары майда әнжир; *сары чилги әнжир бышканда кел;* **чәплә әнжир** *батк.* мөмөсү томолок, өңү саргыч, кабыгында кара тактары бар анжирдин сорту (бул анжир жылына эки жолу түшүм берет).

ӘНИЗ *лейл.* ушул убакка, күнгө, мезгилге дейре (чейин); *әнизге дәэре немеге кеведиң?*

ӘНИЗГЕЧЕ *лейл. к.* әнизгәчә; *әнизгече келсе керек эде.*

ӘНИЧЕ, ӘНИЗЧЕ *өзг.* эмдигиче; *әнизче чейин жерден көтөрүлбөй жатат* (сал. әнизгече).

ӘНИРКӘНИ *жерг. к.* әмиркәни.

ӘННӘ *лейл.* пайда; *бир сомдон берсе йәм әннә.*

ӘНТИ: әнти–әнти *түшт., терг.* мык; *әнти–әнти айдады, жүз жыйырма беш жылдызды әнти курман байлады* (таб. така, мык).

ӘНТИВИШӘРТ *пам.* ант – шерт; *әнтивишәрт кылып тәштәп кетет.*

ӘНЧӘ *батк., жерг., лейл.* 1. бир топ, бир кыйла; бир канча; *ә, әнчә узәә;* 2. бир далай; *әнчә сөз сүйлөдү.*

ӘНЧЕКЕ *пам.* бир аз; *үйдөгү ун әнчеке калыптыр.*

ӘНЧҮН *батк.* ал үчүн; *әнчүн маңа каравайт дә.*

ӘҢ: әңи учуп кетти *батк.* үрөйү учуу; жүрөгү оозуна тыгылуу; *жүдә эгиз экен, әңи учуп кетти.*

ӘҢГӘЛ *өзг.* суу же кыян жеп кеткен арык; *жолдун бардыгы әңгәл болуп кетиптир* (сал. әнгәр **II**); **әңгәл–сәңгәл** *өзг.* өң – дөң, аң – дөң; *әңгәл–сәңгәлгә түшүп кетпесин.*

ӘҢГӘР I *батк., жерг., өзг., лейл.* эгин орулуп кеткенден кийинки аңыз; *әңгәр бошоду.*

ӘҢГӘР II *пам.* чуңкур, аң; *кой әңгәргә түшүп калыптыр* (сал. әнгәл).

ӘҢГӘРЛӘТ *жерг.* малды эгини

жыйылган жерге откоруу; *малды әңгәрләтип кел.*

ӘҢГӘЧӘН *пам. к.* әләңгичән; *әңгәчән келвептирлер.*

ӘҢГИ *пам.* аңги; **таш әңги** *пам.* төрт жашка чейин бычылбай калган жылкы; *таш әңгиң аркырап аккан сайдай го.*

ӘҢГИЛ *пам.* чуңкур, ан; *кийикчилеп жүрүп әңгилге түшүп кетти.*

ӘҢГИЛЧЕК *зам.* селкинчек; *әңгилчек учтум-учтум, шалы пайага түштүм, ай бәхтимдән айланай, кара каш балага түштүм* (селкинчек ырынан).

ӘҢГИТ *өзг.* тыңчы шпион; *әңгиттер өлтүргөн.*

ӘҢГИЧӘН *пам. к.* әңгәчән; *әнгичән бовой чыга галды.*

ӘҢГИШӘНӘ *өзг., тал.* оймоктун бир түрү (жез. сүйрү оймок); *әңгишәнә бовосо, көрпө капташ кыйын.*

ӘҢГҮР: шәкәр әңгүр *өзг.* жүзүмдүн бир сорту; *шәкәр әңгүр деген болот.*

ӘҢГҮШ *батк., жерг.* оймоктун бир түрү (тулкусу терең келет да, көрпө – жууркан кабыганда колдонулат, оймок болсо кийим тигилгенде пайдаланылат. Сал. таж. диал. ангуштарин); *әңгүш менен бир раң алдым.*

ӘҢИЗГӘЧӘ *пам.* эмдигиче; *нимнеге әңизгәчә шул ишти аткарвадың?* (сал. әнизчә).

ӘҢИЛДӘ *өзг.* аңылда; *әңилдәп ийләп бересиңби.*

ӘҢКӘС *жерг.* эңиш, эңкейиш жер; *әңкәс жер экен, әңкәс уруп түшүп келдим.*

ӘҢКӘСТӘ *пам.* 1. эңиште; *ылдыйга айавай әңкәстәдим*; 2. жортуп желе басуу.

ӘҢКИЛДӘ *өзг.* чикит ойнунда жеңилген жакка зуу берүү үчүн чикит менен баласын чаап тийбей калса, жеңилген бала кулагына «пәләкти» илип алып, жерге түшкөнчө оромпай тээп сууга келүү фазасы.

ӘҢКИЛДЕ *алб.* аңкылда; *әңкилдей бервей кийин тур.*

ӘП *батк.* жакшылыкты жамандык менен жоюп жибергендик; *отуз күн туткан орозоңду жүз гирәм арак менен әп кылдың.*

ӘПӘЖЕ *өзг.* эң улуу эже; *әпәжем мага гөйнөк тикти.*

ӘПӘКИ: әпәки-сәпәки *суз.* 1. көр – жер, тиги – бу, ана – мына, өйдө – төмөн; *әпәки-сәпәки боло бервесин*; 2. *өтм.* болор – болбос, майда – чүйдөчүл киши.

ӘПӘМ *жерг.* ачуу, каар; *әпәминә чыда.*

ӘПӘНДИ *түшт.* апенди; *әпәнди кетиптир.*

ӘПЕЛЕК *жерг.* эвелектеген жеңил киши; *әпелек киши экен, тынч турвайт.*

ӘПИЧӘЙ *батк.* 1. кагаз орологон конфет; 2. конфеттин кагазы (балдардын речинде колдонулат); *балдар әпичәй дейт о тәттини.*

ӘПИЧЕЙ, ӘПИЧЕ *ал.* оромпай ойну; *әпичей тептик, чарчадык*; **әпиче тээп жүрөм** ◊ *лейл.* жыргап эле жүрөм (какшык маанисинде).

ӘПКЕЛ *өзг.* алып кел; *чәй-мәй әпкелип бервесем бовойт.*

ӘПКИЧ *зам.* апкеч, суу бакан; *әпкич апкел, сувга бар.*

ӘПШӘМДӘ *батк.* дем алыш; *әпшәмдә болот, шондо мамалак көрсөтөм.*

ӘР: әр-әр *алб.* эшекти чакырууда колдонулуучу сырдык сөз; *эшекти әр-әр деп чакырат.*

ӘРӘӘ *өзг.* араа; *әрәә кайда?*

ӘРӘӘЛӘ *өзг.* араала; *балта менен болвойт, әрәәләгиле.*

ӘРӘВӘКӘШ *түшт.* арабакеч; *әрәвәкәш менен келиң деп айтыңчы?*

ӘРӘВИ: ӘРӘВИ ГИЛЕМ *ичк.* жукараак, шалча өңдүү кооздолуп, түр салынып согулган таар килем (бул өңдүү килемди согуу ичкиликтерге мүнөздүү болуп, түндүк райондорго тараган эмес. Ал кой, төө жүндөрүнөн согулган).

ӘРӘДУК *батк.* аңгүдүк; *әрәдүк болдук, түшүнбөдүк.*

ӘРӘЗ *жерг.* кыйык; *жеткен әрәз киши.*

ӘРӘКӘТ *түшт.* аракет; *әрәкәт кылсаң бәрәкәт болот* (мак.).

ӘРӘЛӘШ *өзг.* жип түрүлгөн чыгырык; *әрәләшкө жип түрөт, тегерек болот.*

ӘРӘНДӘ *өзг.* тактай сүргүлөп жылмалоочу сүргүч (инструмент.).

ӘРӘПӘ *ичк.* ай башы; *бүтүн әрәпә кылалык* (орозо айт, курман айтта бир күн мурун элге тамак берүү жөрөлгөсү).

ӘРӘПӘЛИК *ичк.* арапа кылуу; *әрәпәлик кылат.*

ӘРӘРӘ *батк.* килем көчөтүнүн бир түрү; *әрәрә деген көчөт бар.*

ӘРӘЧӘЧИ *жерг.* арачы; *әрәчәчи койсом кандайсың.*

ӘРВӘ *батк.* өсүмдүктүн аты; *топчу гүл, ак чайыр, әрвә өсөт.*

ӘРВӘЛ: **әрвәл-жәңгәл** *батк.* өсүмдүктүн аты: *әрвәл-жәңгәл от әм, отун әм болот.*

ӘРВӘСТӘ *батк.* алдуу, күчтүү; *ол азыр әм әрвәстә.*

ӘРВЕК *лейл.* арык адам; *о пәшәрә бир әрвәк.*

ӘРВИ *жерг., сейр.* солдат, аскер; *әрви дейт, әксәр әм дейт.*

ӘРДҮШҮН *батк. к.* әрип.

БАКАЛЫК *батк.* тегирмендин «бака» деп аталган темир жата турган ок; *көөнү тутса көлдөй, көөнү тутпаса кара гөрдөй* (мак.) *дейт бакалыкты ойо алавы?*

БАКАН *ыск., атб.* 1. жаан – чачын жана катуу шамалда боз үйдүн жиптерин байлап бекемдөөчү тирөөч (кээде аны менен түндүк да көтөрүлөт); 2. боорунда ачакейлери бар эт илгич; 3. *пам.* чий соккондо тирөөч жыгачтардын арасына туурасынан коюлган таяк; 4. *ыск.* суу ийиндегич, апкеч (сал. суу илгич, ийиндегич); *бакан алып суу ташы*; 5. эндин бир түрү (малдын кулагына салынат); *эни – бакан эн экен*; 6. *жерг.* там үйдүн орто жеринен устунду тиреп койгон жыгач; *үйдүн баканы өрүктөн*; **ала бакан** *түнд.* 1. түндүк көтөрө турган бакан; 2. *тяньш.* оюунун бир түрү; 3. *жерг.* алалап сайылган кеште; *өз әлигә жәрәшә ала бакан салыптыр*; 4. *ыск., чүй.* эт илүү үчүн жасалган ачакейлүү бакан; **оймо ала бакан** *түнд.* кооздолуп саймаланган бакан; *оймо ала бакандын ачасында;* **алал бакан** *түшт.* 1. оймо – чиймеленип, кооздолуп жасалган бакан; 2. *жерг.* чөмүч, кыл жуугуч ж.б. иле турган бакан; *байагы алал бакан кайда?;* **алтын бакан** *жерг.* 1. экиден гана адам тебе турган селкинчектин бир түрү; *күйгүзбөй менин ичимди алтын бакан ойнойлу;* 2. *нар.* кийим илүү үчүн жасалып, коло же жез жалатылган бакан; **ача бакан** *акт., тторо., жерг., өзг.* бакан; *шул ача баканды жайлоодон ала келгем*; **әләл бакан** *өзг., лейл.* ала бакан; *биз, ону, әләл бакан дейвиз*; **бел бакан** *акт.. тторо.* бакандын кичирээк бир түрү (шамал болгондон боз үйдүн керегесине тирелет); *бел бакандан коркуп үйүнө кайтты*; **күмүш бакан** *нар.* бакандын бир түрү (күмүш чаптырылып жасалган да, ага асыл кийимдер илинген); *күмүш бакан үй тиричилигинде колдонулган*; **суу бакан** *тяньш.* апкеч (Чүйдө «апкеч», Ысык – Көлдө «ийиндегич» деп аталат); *өзүм суу бакан менен бир койдум*; **үй бакан** *пам.* боз үйдүн баканы; *топ – топ болуп нойгуттар келди: кээси үй бакан жасайт экен*; **эки бакан** ашканага коюлган тирөөч; *эки баканы бар бекен?*; **үч бакан** *жерг., батк.* таар токуганда колдонула турган үч ача жыгач (таар ушул жыгачка асылып туруп токулат); *үч баканды таар токуганда колдонот*; **бакан тосту** *ичк.* келинди кайнатаныкына алып келе жатканда илгери бакан алып чыгып, же жип, кур, жоолук менен жолду тосуп калып, белек алуу салты (илгери бакан тосуу ар айыл, көчө боюнча болуп, күйөө жүз – эки жүз оромолго чейин тараткан учурлар болгон экен); *бакан тосту кылып жолдон өткөрбөй койгон*;

БАКАНА *ош, өзг.* 1. шаты, тепкич; *бакана менен чык*; 2. шаты, тепкичтин туура – туура жыгач; 3. ирет, жөн – жай; *гәпти бакана – бакана сүйлөп отурду.*

БАКАНООЗ *түнд.* тыңчы; *бакануоз киши кишиви?*

БАКАНЧА *жерг.* 1. улак тартканда улакты такым менен басып, үзөңгү боо менен ороп алуу ыгы; 2. *өзг.* эндин бир түрү; 3. *пам.* чий токуганда колдонулуучу эки жумуру тирөөчтүн ортосуна коюлуучу жыгач; 4. кичине бакан.

БАКАР *түшт.* уй жылы (кээде бул жыл «пада жыл» деп аталат да, «муш» жылынан кийин келет); *бакар жылы көрүнгөн.*

БАКАТ *ыск. к.* пакат; *тигил Шаршендин каралашы бакат жалган.*

БАКАТАВУ *батк.* өрүктүн бир түрү; *бакатаву деген өрүк болот.*

БАКАЧАНАК *жерг.* оюндун аты (бул оюнда бою кичирээк бир балага тонду тетири кийгизип, ичине чоң кылып ар нерселерди коюп, аны «бай» деп атап, бирөө «эне» болуп, калгандары «бала» болуп, илгерки жокчулук турмуштагы дубаначылыкты туурап ойношот).

БАКАЧЫ *ыск.* уруунун аты; *төмөнкү бакачыларды аралап бир топ жерге бардык.*

БАКАШКА *суз.* кателок; *бакашканды идиш девечи.*

БАКЕНЕ *жерг. к.* пәкәнә (сал. таж. пакана 1. жапалдаш; 2. кодо, кодогой»); *бакене экен, бирөw–узун, бирөw–кәлтә.*

БАКИ I *тяньш.* бардык, туш – тарап; *баки жагынан келет.*

БАКИ II *ыск. к.* маки; *баким түшүп кала таштаган тура.*

БАКИСИ *түшт.* баары – жогу; *бакисинин башы ачык.*

БАККАЛ *батк.* касапчы; *баккалдан гөш алып келдим.*

БАКМАЛ I *түшт.* товардын бир түрү; *бакмал алганың менен сырдуу түйүн чечпединг;* **үйрө бакмал** *батк.* ичке – ичке, жол – жол изи бар товардын бир түрү; *чыт, илəс, ыштапыл, үйрө бакмал бар;* **гыжым бакмал** баркыттын бир түрү; *гыжым бакмалдан кəмзир тиксе болот;* **чий бакмал** чий баркыт; *чий бакмал кəстим алдым.*

БАКМАЛ II *өзг.* бордолуп жаткан мал; *бакмал малың семирсиң.*

БАКМАЧЫ *жжол.* мал бага турган адам; *эс тапкыча эсеп тап, мал баккыча бакмачы бак* (мак.).

БАКСА *тяньш., өзг., тал. к.* пахса; *короонун бир баксасы урулуптур.*

БАКТА *ыск., тал., чүй.* пахта; *отурганың тактадай, сүйлөгөн сөзүң бактадай.*

БАКТЫЙА *өзг.* пешене, бакыт; *алтын да сары жез сары, коло да сары мис сары, бактыйаман көрөрмүн.*

БАКТЫЙАР *суз.* жүзүмдүн бир түрү; *бактыйарды да көрөсүң.*

БАКТЫР *кочк.* кароо, көрүү; *кара түтүн дале бирди бирге бактырбайт.*

БАКТЫРАЙЫ *суз.* жүзүмдүн бир түрү.

БАКУВАТ *түшт.* 1. албеттүү, алдуу, кубаттуу, күчтүү; *бакубат адам;* 2. дүпүйгөн бекем дарак; *бакуват кары жыгач* (сал. бакыват).

БАКУВАТТУУ *өзг.* алдуу, күчтүү; *бакуваттуу жигиттер керек.*

БАКУВАТТЫК *өзг.* алдуулук, күчтүүлүк; *ол бакуваттык кылат.*

БАКУЛУ *пам.* өсүмдүктүн аты (буурчактын бир түрү, бирок бул өзү Памирде өспөйт); *талаага чыгат бакулу.*

БАКЧА I *чүй.* барча; *сөөктөрү бакча–бакча, жаркылдайт жалгыз көзү төвөсүндө* (таб. боз үй).

БАКЧА II *тоң.* бир канча ийне сайылган бир комплект; *бакча бир бакча ийне жок.*

БАКЧАҢДА *ыск.* кичирээк толук кишинин чедирейип, көкүрөк башын жайып дагдаңдап жүрүшү; *бакчаңдаган түгөнгүр, деле кыйын!*

БАКЧЫК *жерг., нар.* 1. эки жашар тоо эчки; *бакчык атып алыппы?,* 2. *ыск. терг.* теке; *тергегенде бакчык дейт* (кээ бир жерде «нарек» же «текечер» деп аталат); 3. *пам.* кийик; *бакчыктын жаткан жери, пакирдин аткан жери* (мак.).

БАКШЫ *атб.* чен жыгач; *бакшыңды бери бер.*

БАКЫ *түнд.* адигине уруусунун бир бөлүгү; *бакыдан ак шумкар келген тартууга.*

БАКЫВАТ *тал.* 1. байлык; 2. *тяньш.* тынчтык, жайбаракттык; 3. *түшт.* төп келишкен күчтүү; *бакыват жигит экен* (сал. бакуват).

БАКЫЙА *батк.* жалган; *бакый сөз.*

БАКЫЛ *түшт., ичк.* 1. ичи тар, кара ниет, сараң; *көрө алваган бакылды жок кылдык*; 2. келесоо; *бир сагат акыл болсо, бир сагат бакыл болот*;·3. *лейл.* кытмыр; *о бакылдын тевенек аты бар.*

БАКЫЛДЫК *ичк., түшт.* 1. ичи тардык; 2. карасанатайлык; *бакылдык кылсаң башына тийет* (мак.).

БАКЫЛЧЫЛЫК *чүй.* 1. сарандык; 2. жетишпегендик; 3. *батк.* кызганчактык; *бакылчылык кылва, болсо, шол әм гәп бекен.*

БАКЫР I *тяньш.* өсүмдүктүн аты; *бакырды жейт, ала кел, анан даам тат.*

БАКЫР II *түшт.* 1. жез; *бар – бар эткен үнү бар, бакырдан тайагы бар, жүгүрсө жетпеген айгы бар* (таб. сел); 2. *ыск.* эки тыйындык жез тыйын; *аттын ооздугун салып койчу бакыр берейин;* **тыйын бакыр** *ыск.* жез тыйын; эскиче эки тыйын; *тыйын бакырга увал болду;* **кол бакыр** *тал., чүй.* 1. металлдан жасалган чоюн кашык, сузгуч; *кол бакырынды оңдовой эле койсоң болвойву?* 2. *тал.* кичине казан.

БАКЫР III *пам.* байкуш; *көкүрөктө болвосо көк ийне бакыр канетсин, көп ит бириксе, көр ит бакыр канетсин* (мак.).

БАКЫР IV *батк.* чакыр (Баткен жакта ушул эле маниде башка говорлордо айтылуучу, «чыкыр, кычыр, кыйкыр, чакыр» деген сөздөр колдонула берет); *бакырып кой, кәсәлмән энемди көрүп келевиз*; **бакыр – букур** *лейл.* бакырып маарагандык; *баглан козу бакыр – букур, төрт айагы такыр – тукур.*

БАКЫРАК *батк.* көзү чоң киши; *көзү бакыракка кыйанат кылва.*

БАКЫРАШ *ккырг.* чөмүч; *бакырашты талашып алыстап кетти арасы.*

БАКЫРЦАК *баткч.* бакырчаак; *бакырцактын бары жакшы, бакырып койсо дагы жакшы* (мак.).

БАКЫРЧАК *чүй.* бакырчаак; *баа – баа бакырчак, кичинекей такырчак, эки тулуп азыгы, көчүгүндө казыгы* (таб. бала, бешик, шимек).

БАКЫРЧААК *батк.* 1. кыялы чатак адам; *ол бакырчаак, көңүлдү таппайт*; 2. жаңырчаак таш; *бакырчаак таш бар.*

БАКЫРЧАНАК *түнд., терг.* жаш кунан; *отургаиы ово жер, басканы бакырчанак* (терг. ээр. ат).

БАЛ *чүй.* огород өсүмдүктөрү айдалып, төрт чарчыланып кырдалган участок; *ар бир өсүмдүктү балга бөлүп тиктим.*

БАЛА: ай бала *пам., тал.* өңдүү – түстүү ак куба, сулууча бала; *ай бала – биздин жанывыз*; **ак баласы** *чүй.* сырдык сөз (чочуганда айтылат); *ак баласы, көрсө айрынын сабы тура*; **алиги бала** *жжол., терг.* уул; *алиги бала, караңызчы*; **арсек бала** *өзг.* акылы курч жаш бала; *акылын арсек баладай*; **баш бала** *жжол.* тун бала; *баш балам болуп бештә кишивиз*; **жаны howда бала** *пам.* өспүрүм; *жаңы howda баламын кечирвейви жәйдәрим*; **жетим бала** *атб.. жжол.* жүк артынганда жалгыз киши колдоно турган 2 – 2,5 м. келген анча жоон эмес жыгач таяк; *жетим баланы бек кармап, түнүндөсү уктавай чыгат*; **кавыл бала** *жерг.* элпек, тил алчаак; *ол абдан кавыл бала экен* («кавыл» деген сөз тажик тилинде «тил алгыч» деген маани берет); **кам бала** *өзг.* бош, жүдөө бала; *күйөвүңүз кам бала экен;* **кәл бала**

жерг. таз бала; *кәл бала болуп отурат*; **кол бала** *батк.* адамдын өзү багып, өзү өстүрүп, өзү даярдап келген жер – жемиши, тамагы ж.б.; *бул аш – кол бала*; **Муратаалынын тойбала** *чүй. Муратаалынын тойбала деген күүсү да болгон;* **өткүл бала** *жерг.* эчтекеден тартынбаган курч бала; *өткүл бала, чачыгыңды маңа бер*; **чики бала** *батк.* чикиттин баласы; *о–чики бала*; **кулпунун баласы** *карс.* ачкыч; *колунда кулпунун баласы*; **бала–бата** *жерг.* кудалашканда макулдукту билдирген бата; *бала–бата кылат эде*; **бала бөлөмөй** чикит ойнундагы жерди казып, баласын коюп, өйдө ыргытып чабуу фазасы; *бала бөлөмөйдү чапты да, кырк чилчил канасы, отуз тоwдак баласы, эки төгөрөк уйасы деди*; **балам жок** коон үзмөй ойунунун бир фазасы; *беркилерге «балам жок» деп барат*; **бала сооротуу** *түнд.* жаш баланы сооротуу үчүн чыгарылган күү; *бала сооротууну комузга салып чертишет*; **баласы болмокчу болду** *пам.* балага куда түшмөк болду; **бала чака** *батк.* 1. аял (күйөө тарабынан айтылат); *бала–чакаң, перзенттериң жакшы турабы? аялың, бала–бакыраларың жакшы турабы*; 2. *түнд.* жалпы эле бала – бакыра.

БАЛАГАН *жжол.* 1. тамдын чатырынын ичи, балаган, товуйа, торпок кулак, сал, тывыт деген сөз айтылат; 2. *чүй.* чөп алачык; *балагандын чөвүн Үсөн алат.*

БАЛАГИНӘ *түшт.* кичинекей балакай; *кырк күндүк чилде, отуз күндүк орозо, ай менен күн, улуw айт–кичүw айт, балагинән чава бер.*

БАЛАЖАН *батк.* баланы эркелеткенде колдонула турган сөз; *балажан, бизди күйгүзсөң барар жериң байлансын*!

БАЛАЗ *ыск., чүй. к.* палас; *балаздын үстүнө отуруп турчу.*

БАЛАК *өзг.* сокбилек; *сокуга салып балак менен ургулай баштады.*

БАЛАКА *өзг.* 1. балакат; *сен балакага жеткенде*; 2. *түшт.* жаш, али мөмө байлай элек жаңгак жыгач; *кароодогу балака мөмө байлай элек.*

БАЛАКАЙ *ыск.* 1. баланы эркелеткенде колдонула турган сөз; *балакайым, айлананайын, балакайым, келчи бери*; 2. чикиттин бала жыгачы; *балакайын ыргыта чават* (сал. энекей).

БАЛАКАНА *тал., түшт.* 1. там үйдүн чатыры; *балаканасына чыгып кара*; 2. *батк.* мейман жатсын үчүн пайдубалы бийик көтөрүлүп жасалган кичирээк өзүнчө бөлмө; *балаканага орун салгыла.*

БАЛАКАНАЛУW *тал.* чатырчалуу; *балаканалуw тамдан да тамчы өттү.*

БАЛАКЕЙ *тяньш., чүй.* 1. чикиттин баласы; 2. жаш учур, балапан кез; *балакейиңде бакса боло берет.*

БАЛАКТА *карс.* ооруганда денеңин от болуп күйүп чыгышы; *чыгуw чыкканда балактап кетет.*

БАЛАЛА *батк.* балалуу, тукумдуу болуу; *он эки жылда бир балалайт* (таб. куюн).

БАЛАЛАМА *пам.* көп бала төрөгөндүк; *балалама айал экен.*

БАЛАЛЕК *жерг. к.* балакей *әй, әстә чап, балалек сынбасын.*

БАЛАМАТ *өзг.* 1. кырсык, кайгы; *баламаттан сыртқары туруппу?* 2. балакет; *баламат бассын сени!*; 3. *жерг.* доомат; *бәәрини кой, баламат кылва.*

БАЛАН: балан өрдөк *батк., терг.* сөөмөй; *баш бармак, балан өрдөк* (төндөк говорлордо «бадал жүрөк» деп айтылат).

БАЛАНТ *түшт.* 1. бийик; *үйдүн алдын бийик көтөрүптүр;* 2. жогору;

балант жакка кетти; 3. *өтм.* бойлуу – баштуу, эстүү; *балант кыз болуптур (сал, бәләнт).*

БАЛАҢ *жжол.* эшекке токулуучу ээрдин сызмасына туурасынан байланган жыгачы; *ээрдин балаңы эшектин көчүк жагына келет.*

БАЛАПАН *тал., терг.* четок; *ээ, әкәси, балапандан барвы?*

БАЛАР *лейл. к.* торсун; *тогуз балар үй салыптыр.*

БАЛАРЧЫН *чүй.* бүркүттүн баласы; *кара баларчын экен, көрүнбөй калды.*

БАЛАХАН *жерг.* кымбаттуу (аялга карата); *балахан дилгир сизге алсам.*

БАЛАХАНА *түшт. к.* балакана; *балдары балаханасында.*

БАЛАХАНАЛУW *түшт. к* балаканалуу; *биздин колхоз балаканалуw үй салды.*

БАЛАТЫ *пам.* адамдын буту – колу, бели – башы ж.б.жерлери ооруксунуп калуу; *аңга солтоң шырылдаң, мына солтоң шырылдаң деп айтып берет эӈем, балаты болупмун.*

БАЛАЧЫК *суз.* чикиттин баласы; *чикилдектин балачыгы.*

БАЛБААКЫ балбаакы көжө *чүй.* тамактын аты (сал. жайма көйө); *шып – шып шыйкывыз, жылып кетти жылкывыз, балбаакы көжө жасай кой.*

БАЛБАК I *жжол.* белбоо, кур; *балбагын сырга толтурган, бак алдында олтурган.*

БАЛБАК II *кашк.* кең; *балвак көйнөк экен.*

БАЛБАКТА *карс.* оруганда көзү жалындап, эти от болуп чыгуу; *оwруганда көзү балбактап кетет.*

БАЛБАН *түшт.* түндүк жыгачты ийүүдө колдонулган жоон, кыска шыргай; *желип кетти уйкувуз, балваныңды бере сал;* **балван кап** *жжол.* болжолу бир центнер өлчөмүндөгү топуракты капка салып, «какандос» тойунда үйдүн үстүнө көтөрүп чыгып төгүү жөрөлгөсү (мында жүктү шатынын жарымына барганда бир тынып, анан өйдө көтөрүп чыгат да аны желкесинен ашырып, каптын оозунан топурагын төгөт. Ошондо жарданып карап тургандар кол чаап жиберет. Балбанга сыйлык берилет. Ал балбан капты экинчи бир күч сынашкан балбанга карата ыргытып жиберет); *балван капка катыштым, эми жылкывызга баралык, жылуу орун алалык.*

БАЛБОРУК *жжол.* май басып жетилген жаш козунун эти; *козунун балборук этине карк кылды.*

БАЛБУЛ *атб.* орто семиздик; *жылкы ичинде боз кулун балбул экен, ошол боз кулунду сойолук.*

БАЛБЫЛДАК *батк.* тантык; *көп сүйлөй берген балбылдак адам экен.*

БАЛГАМ I *батк.* балыр; *бир кандын жана кедейдин баласы балгам чогултуптур.*

БАЛГАМ II *жжол., карс.* чоң чыны (сал. шак кесе, жанан, герден, чоң пийала, бадывот); *бир балгам кымыз ичтим.*

БАЛГЫ *жерг.* 1. суунун көбүгү; *әвизгә суw чогултуп үстү балгы болуп калыптыр*; 2. оодон чыккан көбүкчө; *ону баласы сүйлөсө оwуздан балгы чыгат.*

БАЛГЫН *түнд.* өсүмдүктүн аты; *балгын аралап жолго чыгат;* **балгын кез** наристе мезгили; *биздин балгын кезивиз Балыкчыда өттү.*

БАЛГЫР *түшт.* болук, семиз; *балгыр сары өңүнө кан дүргүп чыкты.*

БАЛДАЙКЕ *тал., терг.* жүгөн; *балдайкеси баш кармайт, төлөйкөсү төш кармайт* (таб. жүгөн, көмөлдүрүк).

БАЛДАК I *суз.* кулач; *арт жагынан*

балдак уруп зыпылдады; **ит балдак** *тал.* чабак уруунун бир түрү.

БАЛДАК II *ыск., чүй.* 1. колтукка таянып баса турган жыгач, кастел; 2. *жерг.* «чигине, сал, чапар» ж.б. нерселердин жээгине туурасынан коюлган жыгач; *жол жыгачты балдак деп айтат;* 3. шыкты беките турган туура жыгач*; шыктын балдагы сынып калыптыр;* 4. *пам., жерг., кашк.* кажарыга түшүрүлө турган сайманын түрү; 5. *өзг.* килемге түшүрүлүүчү көчөттүн бир түрү; *балдакты түшүрүп бүттүк, энди окууга баравыз* (сал. монг. бардаг, балдаг «балдак»); **ай балдак** *өзг., суз.* сырга, сөйкөнүн бир түрү; *ай балдак, сырга тагынат;* **зере балдак** *түшт.* сырга, сөйкөнүн бир түрү; **кол балдак** *лейл.* колго таянып жүрүүчү тайак; *аса тайакты кол балдак деп да койот;* **күмүш балдак** *суз.* жалаң күмүштөн жасалган кичинекей сырганын бир түрү; *күмүш балдагымды жоготуп жиберди;* **тиллә балдак** *зам.* алтын сөйкө.

БАЛДАК III *чүй.* аттын бутунун ич жагынан туура – туура кеткен кара жол – жол; *балдагы бар аттар болот.*

БАЛДАКТУУ *чүй.* балдагы бар; *балдактуу кула кырк жорго тават.*

БАЛДЫК *батк.* сөйкө; *балдык тагындым.*

БАЛДЫР I *пам.* 1. мурун; *балдар барып, балдар кел;* 2. тез; *балдыр сүйлөвөй әстә сүйлө.*

БАЛДЫР II: **балдыр–шалдыр** *ыск., терг.* жүгөн; *балдыр–шалдыр акем баш кармайт, Дөөлөтбек акем төш кармайт.* (таб. жүгөн, көмөлдүрүк).

БАЛДЫРГА *тоң.* өгүздүн чандырына тартылуучу жип; *чандырына балдырга тарт.*

БАЛДЫРГАЛА *тоң.* балдырга тартуу; *Шайлоовай өгүзүн балдыргалап ылдый кетти.*

БАЛДЫРГЫ *пам.* илгерки, мурунку, байыркы; *балдыргыдай жүрө алвайт.*

БАЛДЫРТАДАН *пам.* илгертеден, мурунтадан; *балдыртадан билген киши бар.*

БАЛЖЫР: балжыр–булжур *тяньш. к.* албыр; *Төлөвөй акем төш кармайт, балжыр–булжур баш кармайт* (таб. жүгөн, көмөлдүрүк).

БАЛЖЫРАН *чүй.* ала шалбырт; *ушундай балжыранда берки эле шымыңды кийбейсиңби.*

БАЛЕК I *тяньш.* жөндөм, ийкем; *сенин балегиң жок.*

БАЛЕК II *тал.* 1. ышкындын сабагы; 2. *жерг.* коон, дарбыз, бадырандын чылбыры; *балегин өзүнчө жыйнадык.*

БАЛЕК III *түшт.* сокбилек; *балекти алып чык.*

БАЛЕКЕЙ *чүй.* чикит ойундагы кичинекей балачасы; *балекейди чаап берет* (сал. балакай).

БАЛЕТКЕ *чүй, ыск.* шыбакчынын валеткасы (инструмент); *балетке менен топурагын шывап тегиздейт.*

БАЛКА: айткан балка *өзг.* ай сымак жасалган кичирээк теше; *ай балканы алып кой;* **кол балка** *пам.* балканын кичинекей бир түрү; *кол балка–кадимки эле кичик балка;* **күмүш балка** *түшт.* күмүштөн кооздук жасоочу ичке тумшуктуу балка; *күмүш балка таппадым;* **така балка** *лейл.* бир жак башы тегерек жалпак келген, сабы экинчи баш жагындагы көзөнөккө өткөрүлгөн балканын бир түрү; *така балканын савы сынды.*

БАЛКАЙ *түнд.* толуп, болуп семирүү; көзгө толмоч тартып жайкалып көрүнүү; *балаң балкайып гана чайпалат го.*

БАЛКАМ *ыск.* баш – шыйрактын эзилте кайнатып бышырып туруп, сорпосу менен муздатып койгондо коюлуп, уюп калган тамак (орусча

«холодец»); *мен бул балкамды силерге берем.*

БАЛКАН *ыск.* чоң, бийик; *көрсө ал укмуш балкан экен.*

БАЛКЫ I *акт.* жибек кездеменин бир түрү; *экөө окшош балкыдан кийет.*

БАЛКЫ II *зам.* эрте быша турган ак жүгөрүнүн бир сорту; *бир жерге балкы эгет.*

БАЛКЫН *суз.* бутактары ичке жумшак өсүмдүктүн аты; *Ак-Сайдын башында балкын бар.*

БАЛКЫТ *батк.* баркыт; *бир иш балкыт алдым.*

БАЛКЫШ *өзг.* балчык; *Алайку, жакта балкыш деп балчыкты айтат* (казак тилинин Кош – Агаш жагында бул маанидеги сөз «балкаш» болуп айтылат. Сал. тув. балкаш «балчык»).

БАЛМУЗДАК *ош.* мороженое; *балмуздак сатып берем.*

БАЛОО *жерг.* чебер, устат, билгич; *биздин Чынгыз* (жазуучу Ч. Айтматов жөнүндө) *балоо чыкты.*

БАЛПА *түшт.* кевек; *ундун балпасын калтага салып койду* (түндүк говорлордо «кевек» деп аталат).

БАЛПЫЛДАК *пам.* денесин бош кармап, балп – балп этип баскан адам; *жәлейилдин балпылдак келиптир;* **короолу балпылдак** *жумг.* чым көндүн бир түрү (Ысык – Көлдө «Каныкей балпылдак» деп аталат); *короолу балпылдакты үйүп салды.*

БАЛТА *чүй.* 1. бармак (сөз ойну); *балта, араа* (сөөмөй), *теше* (ортон), *мис* (аты жок), *жүс* (чыпалак); 2. *батк.* кыз – жигит адеп кошулганда төшөгүн балта менен бастырып коюу жөрөлгөсү; **ай балта** *батк.* заводдон жасалган отун жаргыч балта; *мәгәзинден бир ай балта алдым;* **кыргыз балта** *түшт.* колго сомдолуп жасалган кара балта; *базардан бир кыргыз балта сатып келдим;* **орус балта** *атб.* ак балта (жаагы жазы балта); **чөкүч балта** *өзг.* чукулдук сымал кылып жасалган балта; *чөкүч балтасын сурап келчи;* **балта чавар** *жумг.* 1. кол башчынын жардамчысы; *балта чавар саламдашып кирип келет;* 2. *пам.* кол арага жараган бала; *онун баласы балта чавар;* **балтам тап** *түнд.* оюндун аты; *чөп жашырмай, сокур теке жашырмак, балтам тап деген ойундар болгон.*

БАЛТАЙ: көк балтай *ноок.* көк мелтей; *тил әзәри көк балтай.*

БАЛТАК *батк.* балдак; *балтакты буту чолок үчүн алып жүрөт да.*

БАЛТЫК *ыск.* балдак; *балтыкты таштады.*

БАЛТЫР *лейл.* жүндөн токулган балтыр орооч; *ә, келгиле, балдарым, имне жумуштап жүрөсүңөр?, балтырды таап алайын.*

БАЛТЫРКАН: ай балтыркан *түшт.* балдыркандын бир түрү (тоонун токойлуу тескей беттерине чыгат да, адамдар аны сууга туз чылап малып жешет); *ай балтыркан солкулдак* (түндүк говорлордо ал «элик балдыркан» деп аталат); **айуw балтыркан** *чатк.* балтыркандын бир түрү; *шагыл – шагыл беттерде өскөн айуw балтыркан малды уwуктурат* (Ак – Талаа, Тогуз – Торо жакта бул өсүмдүк «айчачы» деп аталат); **кызыл балтыркан** *тяньш.* балтыркан өсүмдүгүнүн өнү кызгылт, желе турган түрү; *көпрө жакын, көл ыраак, кызыл балтырканга баравыз;* **уй балтыркан** *түшт.* сасык балдыркан; *уй балтыркандан таап кел;* **сасык балтыркан** *сасык жыты бар, кызгылт өң ала турган балдыркан;* **элик балтыркан** тоонун салкын жерине чыга турган, жазы жалбыракту, түктүү балдыркан.

БАЛЦЫК *баткч.* балчык; *лайды көп кецсе балцык болот, көп сүйлөсө цалцык болот* (мак.).

БАЛЧАК *чүй.* чикиттин баласы; *а, аке биз окуйбуз, балчактын кереги эмне?*

БАЛЧЫК *батк.* өсүмдүктүн аты (саздак жерге чыгуучу ичке сабактуу, ичке, тарбагай бутактуу өсүмдүк); *э, жүдэ болот, келгениңер жакшы болуптур, балчыкты таап келем* (кээде ал өсүмдүк «чеченди́р» деп да аталат).

БАЛЫК *өзг.* 1. балыктын элесин берген сайма – көчөттүн аты; 2. *чүй.* чалгынын кулагы; *чалгынын балыгы сыныптыр;* **ай балык** *түшт.* балыктын бир түрү; *ай балык, чаар балык болот*; **ак балык** *өзг.* 1. бир жагында жанаша эки ачалуу башы бар жылан; *ак балыкты дэри кылат*; 2. *батк.* балыктын бир түрү; *ак балыкты көрсөтөм* (бул сөз казак диалектисинде да бар, анда орусча «кутум» балык маанисинде колдонулат); **алтын балык** *пам.* губка сыяктуу балыр сымал келген нерсе (жергиликтүү адамдар аны абдан жууп тазалап идишке салып, үстүнө кайнатылган чай куюп, кумшекер кошуп, бир сутка коюп, эртеси үч – төрт катар марлиден таптаза сүзүп өткөрүп анан ашказанга дары катары ичет. Бул көрүнүш памирдик кыргыздардын арасында кийинки жылдарда пайда болгон өндүү); **бака балык** *батк.* башы бака сымал келген балыктын түрү; *бака балык агын сүwда болот* (этин жейт, сөөгү аз болот); **бака баш балык** *жжол.* башы бака сымал болгон, суунун түбү менен жүргөн балык; *бака баш балыктын курсагы жалпак болот* (эти желбейт); **гүл балык** *батк.* балыктын бир түрү (чаар ала темгили бар балык); *гүл балыкты көрсөтөйүн деп таппадым;* **ит балык** *пам.* 1. *балыктын бир түрү* (эти желбейт; жергиликтүү адамдар бетинде сепкили бар киши ал балыкты тикирейип караса, сепкили жок болот деп эсептешет); 2. *өзг.* ит чабак; *ит балыкты карабайбыз;* **кара балык** *ыск.* маринка; *Түптүн суусунда кара балык болчу эле;* **каражон балык** *пам.* курсагы ак, жону кара балыктын бир түрү; *каражон балык агын сүwда жүрөт;* **кой балык** балыктын желе турган түрү; *жей турган балыкты кой балык, жевей турганын ит балык дейт;* **лака балык** *батк.* башы жалпак, өңү кара балыктын бир түрү; **мырза балык** *ноок.* окунь сымал келген балыктын бир түрү; *мырза балык, лака балык, ит балык бар;* **осмон балык** *пам.* курсагы ак, жону бир аз каралжын балыктын түрү; *осмон балык чоң, кара бозгуч келет;* **тиллэ балык** *жерг.* кызыл чаар балык; **тоw балык** *батк.* тоо суусунда жашоочу балык; **сүт балык** *кочк.* балыктын бир түрү (кара сууда болуп, өңү ак келет); *бизде ит балык, сүт чык деген болот;* **балык сырты** *пам.* үйдүн балык жон кылып салынган үстү; *балык сырты үй экен;* **балык тиктемдей** *пам.* боюнда бар аял кокус сууда балык көрүп калса, баласы ага окшошуп калбасын деген ниет менен аны тиктөө жөрөлгөсү; *балык тиктемейди айтып берейин;* **балыктай owзун ачкан** ◊ *пам.* катуу чарчаган адам.

БАЛЫКА *өзг.* бала – бакыра; *мектептен чыккан балыкалар.*

БАЛЫКЧЫН *түнд.* балык илип жей турган канаттуунун аты (бул сөз «балык» жана «чин» куш деген сөздөн деп эсептелет).

БАЛЫН *суз.* машинанын дөңгөлөгү; *ону биз балын деп айтавыз.*

БАЛЫШ *ичк., түшт., зам.* бир адам үчүн жасалган жаздык; *балыш жыртылып калды;* **бахмал балыш** *жерг.* бакмал балышты алып кел; **көз**

балыш *лейл.* тегерек – тегерек куратан жасалган жаздык; *жүктөгү көз балыш көздүн курчун алат;* **курак балыш** *батк.* бетине курак салып кооздолгон жаздык; *курак балыш ак үйүмдүн кутундай;* **жөлө балыш** *батк.* сүйрү, ичке, тоголок жаздык; *жөлө балыш, кеште балыш болот;* **оймо балыш** кооздолуп жасалган жаздыктын бир түрү; *оймо балыштан бир нечесин жасаган экен;* **папак балыш** чоң – чоң курак менен жасалган жаздык; *папак балышың жүккө жарашат экен;* **пар балыш** мамык жаздык; *пар балыштан койуп бер;* **парпарык балыш** бетине (чеке жагына) үч – төрт жерине тегерек гүлдүн формасы салынган кооз жаздык; *үч парпырак балыш бар;* **тикме балыш** кооздолбой, жөн гана товардан тышталган жаздык; *бирине тикме балыш, бирине көз балыш бериптир;* **балыш жыйчуw** *батк.* эки «мээраптын» ортосундагы жаздык жыя турган жай; *балыш жыйчуw тар экен;* **балыштын көзү** *өзг.* балышка салынган тегерек – тегерек кооз сайма; *тиги балыштын көзү деген кеште.*

БАЛЫШТЕК *ичк., тал.* «чигененин кочкорегин» бири – бирине бириктере турган туура жыгач; *чигененин балыштеги сынып калыптыр;* «чапардын» жээгине коюлган жыгач; *чапарга балыштек алып кел.*

БАМАЗГА, БАМАЗЗА *жерг.* таттуу; *лагманды бамазза жасапсың.*

БАМӘНИ *жерг.* ойлуу; *Кахар әке бамәни киши.*

БАНАЛА *кочк.* баш калкалоо, пааналоо; *айла кетти, баналаган айыл жок.*

БАНАР *ыск., чүй.* панар; *ой, кемпир, банарды жарык кыл.*

БАНАРА *тяньш.* фанера; *жакшы банара тура.*

БАНАРАС *батк.* товардын бир түрү; *мәркәзи, тиринке, банарас, бәмәзи бар.*

БАНГЫЧ *кашк.* балчык; *эшикте бангыч.*

БАНД *жерг.* 1. суунун кулагы байланган жер; 2. *өзг.* колду байлоо, бошотпоо; **банд болуп** кол тийбей, кол бошобой; *банд болуп келе алвады.*

БАННАМ *баткч.* аттын бут оорусунун бир түрү (шыйрагы шишип ооруйт); *аттын пайчасы шишип оwруса, баннам дейт.*

БАНТ *батк.* 1. бакшылар ырымдап түйүп берген жип; *жинди байлам деп бант түйгөн;* 2. *суз.* күм – жам; *тай ат болгончо, эр бант болот* (мак.).

БАҢ *жерг.* 1. мат кылуу, сөзгө жыгуу, мойнуна коюу (сал. таж. бан); *бир азга бошоткула, досум менен коштошойун деп баң кылат;* 2. *батк.* кумар ойнундагы үстөк; *баң, кетсе он сом кетер.*

БАҢБАҢ *ыск.* илгери калмактар жашаган жерде айыл башкарган административдик чиндин аты; *баңбаңга чуркап келет.*

БАҢГЫ *жерг.* арыктын суу бура турган кулагы; *баңгылардын хаммасын бекиттим.*

БАҢКЫЛДА *тяньш.* бакылда; *көпкө баңкылдап толгоно берди.*

БАОБРУЙ *жерг.* авторитеттүү; *балам, сен да баобруй бол.*

БАП I *ичк.* «желжеминдин» төрт бурчталып ныкталып басылган тайы (муну адегенде «желжеминди» оруп, четтерин ичине карай кайрып, бийиктигин кырк сантиметрге чейин көтөрүп, үстүнө оор таш бастырып, ныктап, жасайт); *бир бап желжемин ордум.*

БАП II *түшт.* бакшынын ак ургандагы үнүн тууроо (сырдык сөз); *бакшыга барсаң тап дейт, бүвүгө*

барсаң тап дейт, молдого барсаң, алдап алмак үчүн ак дейт. (мак.); **кәрнәйчидән бир бап** ◊ *жерг.* болсо болор, болбосо жок.

БАП III *ыск.* кишинин элесин берген байыркы балбал таш (монгол тибин элестеткен бул «бап» таштар илгери Күрмөнтү менен Ышнатанын ортосунда көп болгондугу эл оозунда айтылат. Алардын көбү узун мурут, жайык бет, кырдач мурун, чуңкул көз, чачын кырдырган адамдын элесин берер эле. Кээ бирөөлөрдүн он колунда аяк сымал идиш тургансычу дешет. Ошондой таштардын айрымдардын 1960 – жылдан кийин эле Күрмөнтү менен Сары – Булактын ортосундагы жол астындагы айдоо аянттарынан (жол жээгинен) табылганын өз көзүм менен көргөм).

БАПА I *түшт.* оопа; *акыры түбү бапасыз.*

БАПА II *пам.* 1. жардамчы, жолдош; *кош, бапам, мен кетип жатам*; 2. *тоң.* кыргыз уруусунун аты; *илгерки заманда бапа дейт турган бир айылдуу эл жашаган.*

БАПА III *базк.* мүрт кеткен өлүм; *1916 – жылда бапа өлүм көп болгон.*

БАПА IV *жжол.* баба; *бапам кайда, сен дүйнө?*

БАПАЙ I *өзг.* оорукчан; *бапай бала экен, ич бир көңүлү ачылвайт.*

БАПАЙ II *базк.* 1. карыя; чал; «*эси жок ит ээсин сыйлавайт, ичи харам эл ичинде жыргавайт*» *деген мәтәл айтты бапайым*; 2. *алб.* чоң келишимдүү адам; *бапай деп чоң кишини айтат.*

БАПАЛА *батк.* шаш; *э, бапалап турганын кара.*

БАПАЛАК: аксак кемпир бапалак *түнд.* оюндун аты; *аксак кемпир бапалак ойноп жүрүп угат.*

БАПАЛАТ *жжол.* тез ысытып жиберүү; *бапалатып ий.*

БАПАН I *түнд.* чексиз; *бапан талаада жүрүп, бир катынга жолугат.*

БАПАН II *чүй.* чачылган нерсе; *башың бапан, айагын сапан болор!*

БАПИ *ал.* жүз аарчынын чачысы; *дасоромолдун баписи жакшы.*

БАПЫЙ I *кашк.* апсай, үксөй; *ол үйдөн бул үйгө келди бапыйып.*

БАПЫЙ II *атб. к.* элебапый; *ууда жүрүп элик бапый көрөт.*

БАПЫР: **бапыр – тапыр** *түшт.* дүрбөгөн кыймыл; *класс ичи бапыр – тапырга толду.*

БАР *түшт.* «жок, болбойт, кете бер» деген сыяктуу ар кыл мааниде колдонула турган жоопчул сөз; *ээ, кызым, өйдө тур десем «бар» деп койду* (бул сөз балдардын гана речинде жолугат); **бар бәрәкә** *өзг.* соода жүргүзгөндө макулдукту алуу үчүн айтылуучу сырдык сөз; *бар бәрәкә, ич кимге айтпа*; **бар болуң** *түшт.* саламатчылыкты сураганда алкоо жана жооп иретинде аялдар айта турган сөз; *бар болуң, балаңыз кайда?*; **баргалы болду** *жерг.* барганы калды.

БАРААН: **бараан – шараан** *батк.* очор – бачор; *ол ywул бараан – шараан болуп кеткен.*

БАРАВОЗ *лейл.* ээң боз талаа; *Дәш – Рават баравоз.*

БАРАДАР *жерг.* бурадар, байке; *барадар, иштер шындай болду.*

БАРАЗАТТУУ *чүй.* салабаттуу, ооматтуу, белсемдүү, кудуреттүү; *базараттуу адам экен, ага ашык болуп калыптыр.*

БАРАК I *жерг., миф.* учкул ат; *баракты минип пир жетет.*

БАРАК II *батк.* көзгө сонун көрүнүү; *көзгө барак көрүнөт.*

БАРАК III *ноок.* 1. самсанын кат – кат кылып жасалган түрү; *баракты бизде йәм жасайт* (мунун ичине майдаланган эт, пияз ж.б. салынып

жасалган тамак); **баракы чыкпаган** ◊ кат – каты жазылбаган; **казан барак** казанга майга бышырылган барак самса; **тандыр барак** дандырга бышырылган баракы самса; 2. *жерг.* кара топуракту, семиз, жакшы жер; *барак жакшы жерлери бар*; 3. *чүй.* уруунун аты; *атасы: «тапса, ошол барактын кызын ала койсун» деп койот*; **ак барак** *жерг., лейл.* ыр ырдалып, обон аралаштырылып чертиле турган күү (илгери Ак барак аттуу жигит мергенчилик кылып жүрүп, өлүмгө дуушар болот. Күү ошол окуя жөнүндө ыр менен ырдалып чертилет. Экинчи бир вариант боюнча илгери бир эл башкарган аял болуп, анын Ак барак аттуу жалгыз уулу болгон экен. Ал жыйырма жаш курагында Нарын дарыясына жылкы сугарганы айдап барат. Барса өйүздө бир кыз, эки келин суу алып жатыптыр. Алар чакырып калат. Жигит аларга барам деп сууга агып кетет. Күү ошого карата чыгарылат. Анын кошогу да бар); **зар барак** *батк.* кийимдин бир түрү; *зар барак кийип кулпурат.*

БАРАКАТ: кош баракат *чүй.* кенебес адам; *үйүндө ыракаты жоктун талаада кош баракаты бар* (мак.).

БАРАЛ *жерг., лейл.* 1. ийгилик; *иштин баралын берсе, тез эле бүтөсүңөр*; 2. *пам.* маани; *баралың жок бала экенсиң*; **барал алвайт** *зам.* уучулукта жол болвойт.

БАРАЛГА *өзг.* бой жеткен кез; *кырк кыздын ичиндеги баралгасы шол экен.*

БАРАЛДУУ *пам.* жакшылык ниеттеги адам; *баралдуу жигит экен.*

БАРАМЧЫ *өзб.* барам го; *экөлөримө анан барамчы.*

БАРАНА *пам.* жакшы жугум; *бардын баранасы жугат, жоктун жоор тагы жугат* (мак.).

БАРАҢ: **көк жал бараң** *атб.* стволунун үстү кырлуу келген илгерки кара мылтыктын бир түрү; *көк жал бараңды бервей койот*; **көгүш бараң** *пам.* канаттуунун бир түрү.

БАРАҢСОЗ *пам.* жибек кездеменин бир түрү (сал. шалпар); *бараңсоз түштү деп кавар берет.*

БАРАҢЧЫ *түнд.* апырткыч; *ай бараңчы да, экөө саламдашып отурат деп айтып живерди.*

БАРБАК *жерг.* ичи тар; *э барбак – барбак деп эле тым болдуң да.*

БАРБАҢДА *түшт.* дүкүлдөп жүрөк согуу; *жүрөктөрү барбаңдап жатты.*

БАРВАК *жерг., этн.* жаңы кар жааганда карды куттуктап балдардын бирөө калган балдардын өтүнүчүн кагазга «козу сойосуң, палоw басасың, барвагы сиздики, өнүмү биздики» деген өңдүү кат жазып алып, эч кимге көрүнбөй адресаттын үйүнө жеткирүү ойну (оюн түн ичинде өткөрүлөт. Өтүнүч кагазда конок кылуу же белек сатып ж.б. жөнүндө жазылган болот. Кабарчы эч кимге көрүнбөй келип, үйгө кирери менен кагазды таштап качат. Көрүнбөй качып үйүнө кетсе, мөөрөй алардыкы, кокус бирөөгө көрүнүп кармалып калса, мөөрөй кармагандыкы болот. Кабарчы кармалса, аның бетин көөлөп, эшекке тескери мингизип, элди кыдыртып, каалаган жазыкты тарттырат); *э, досум, барвак ойносок, хуп болот.*

БАРВАКТ *жерг.* таң эртең менен; *саар барвакт туруп шо ишти кыл.*

БАРВАНА *тал., ыск.* барпана, шайтан көпөлөк; *барвана болво, эки тулпар току, жети качырга дилде жүктө.*

БАРВАСТА *жерг.* күчтүү, балбан; *отун көтөргөн адам барваста экен.*

БАРВАС *ош.* үйдүн үстүнө

салынган кичине устунча (кары устунга караганда ичкерээк болот да, бири – бирине жакын 1 – 1,5м. аралыкта коюлат); *барвосту болжоп кой.*

БАРВОТ *жерг.* жоголуп житип кетүү, дайынсыз расход болуу; *шаарда жүрсөң, пулуң барвот кетет.*

БАРГЕК I *лейл.* 1. элечектин үстүнөн кийилген кооздук; *баргек кәләктин үстүдөн кийилген, ону жүдө әшәмдәгән*; 2. *зам.* келиндер мандайына тарта турган асем, кооздук; *өгөй энеси бир баргек*; 3. *батк., лейл.* сөөгү алынып таштalып, эти кургатылган өрүк; *сөөктөн ажыратканы – баргек*; 4. брошка, төөнөгүч; *дүкөндөн баргек сатып келди.*

БАРГЕК II *зам.* майда, тегерек, мончок сымал тоголок баш ала тур турган өсүмдүктүн аты; *баргек мончоктой баш алат.*

БАРГЕКЧЕ *лейл.* 1. он үч эриш жиптен согулган таар; 2. көчөттүн аты; *көп күндө баргекчени токуп бүтөт.*

БАРГЫ *өзг.* уруунун аты («баргы» өз ичинен «кара баргы», «сары баргы» болуп бөлүнүп. Өзгөндүн Кара – Кулжа тарабында жашап келген. Сал. бай. түрк. барчу "олжо"); *баргынын айлына барса, бир түп терек турат* (бул этноним монгол тилинде да «баргузин, баргу, бурят» болуп жолугат).

БАРГЫЧ *өзб.* бир жакка барууга камынгандык; *энди менин әм баргынчым кевей калды.*

БАРГЫЧАН *ал.* баргычакты; *үйгө баргычаң, мен күтпөйм.*

БАРДА I *ыск., тяньш.* 1. кийим жапкыч; *балтоону барда менен кой*; 2. эшик, терезе парда; *терезенин пардасын тарт*; 3. фартук;

БАРДА II *кочк.* көздү бадырайтып, алайтып чоң – чоң ачуу; *деним соову, көзүмдү бардап – бардап алдым.*

БАРДАМ *жерг., лейл.* 1. алдуу, күчтүү; *атам, бардам жүрөт; саламат, бардам, кандай жакшы жүрөвүсүң?* (учурашканда айтылат); *бардамбысыз? салоом алеким!*; 2. берешен, март.

БАРБАМДУW *ичк.* ал – күчтүү, кубаттуу; *байлыгы бар, бардамдуw адам.*

БАРДАН *тяньш.* 1. табарсык; *эр барданы бек болсун, ат барданы бош болсун* (мак.); 2. *өзг.* камыштан тегерек сүйрү кылып токуп, ичине буудай салып, шабап сала турган бойро; *бир бардан буудай беш чейрек чыгат.*

БАРДАШ *акт.* ал – күч, кубат, албет; *оп, бардашыңа баракелде;* **бардаш кыл** *тяньш.* токтоолук, сабырдуулук кыл; *улам бардаш кылып улам көгөрөт.*

БАРДАШТУW *батк.* 1. сабырдуу, токтоо; *бардаштуw бала экен*; 2. *зам.* чыдамдуу; *owруга бардаштуw бол, балам.*

БАРДЕК *чүй.* жүгөрүсү чыгарылган сото; *бардекти жыйып болуп уктап калат.*

БАРДОЗ *жерг.* ал жапкыч (Ат – Башыда «этек кап» деп аталат); *бардоз, ийе, чарапзал, лойа, эгер, чачык деген сөз бар.*

БАРДЫ: **барды – келди** *өзг.* 1. адамдардын бири – бириникине барып келип ынтымак кылуу жөрөлгөсү; *билеселүү киши барды – келдиге жакшы болот*; 2. *суз., батк.* килем согууда жиптерди чатыштырбас үчүн ары – бери жылдырып туруучу узун ичке таякча; *барды – келдиге чымчык конуп турат;* **бардыбы – барган жок** *батк.* бардыбы – барган жокпу? (антоним сөздөр коштолуп айтылып, экөө тең суроо иретинде сүйлөнсө, анда экинчи компонентке «бы» мүчөсү

жалганбай калат; жакшыбы – жаман жакшыбы – жаманбы, кәттәви – кичик – чоңбу – кичинеби; эгизби – пас бийикпи – жапызбы?..).

БАРДЫКТЫР *кочк.* тердетип, чаалыктырып өкүлдөтүү; *буурул атты бардыктырып бат эле келди.*

БАРЖАҢДА *ноок.* баржаңдап кубаныч менен киши тосуп алуу; *ого барсаңар, ол баржаңдап өлөт.*

БАРЕНДЕ *тал. к.* паранда; *жарадар болгон баренде кыйналды.*

БАРИК *тал.* жалбырак; *күзүндө тал-теректин бариктери түшөт.*

БАРКАНДАР *лейл. к.* бархадар.

БАРКЕЧ I *түшт.* күйөө баланы кайнатасыныкына берген белек – бечкеги; *Урпукандын кызына баркеч берет.*

БАРКЕЧ II *түшт.* сайманын бир түрү; *баркеч салып тиккен жоо.*

БАРКЕЧТЕ *түшт.* «баркеч» түрүн салуу; *баркечтеп сай.*

БАРКУ *өзг.* жумшак; *коноктун алдына барку сал.*

БАРКУТ *ичк.* баркыт; **таз баркут** *тал.* түгү жок баркыттын бир түрү; *ээ, апа, таз баркут бар бекен?;* **тай баркут** түгү түшпөй турган баркыт; *тай баркут алдынбы?;* **уй баркут** *чүй.* түгү майда баркыт; **учма баркут** түгү тез түшө турган баркыт; *учма баркутту алвай койсоң болвойбу?;* **чий баркут** *чүй.* ичке жол – жолу бар баркыт; *алты метир чий баркут жоолук берди;* **пом баркут** *түшт.* баркуттун бир түрү.

БАРКЫ *пам.* уруунун аты (бул сөз кээ бир тектеш тилдерде) 1. аялдуу адам; 2. үй – бүлөнүн ээси (деген мааниде учурайт); *сүүсунуң барвы? – деп, бир баркыдан сураптыр.*

БАРКЫРА *жжол.* 1. жайданда; *кирин жуун баркырайт, ай тийгендей жаркырайт;* 2. *ичк.* жаркыра, жадыра; *пианер-таңкы чолпон жылдыздай баркырайт.*

БАРМАК *түшт.* 1. бармак сымал түрдөгү сайма; 2. *жжол.* тең арта турган аркандын кыска учу; *аркандын бармагын түйүп кой;* **бармак асты** *жерг.* чикит ойнунда баласын бармактын астына коюп, анан түшүрүп чабуу фазасы; *бармак асты бармак үстүдөн мурда келет;* **бармак баашы** *пам.* 1. бир тукумдун, бир айылдын башчысы; 2. бир топ элдин тыңы; «*данек кичине болсо да, чагып маңызын көр*» – *деп мәтәл айтаар эде бармак баашы;* **бармак басым** *жерг.* эң кичинекей баштыкча; *атасыга бармак басым халта берет;* **бармак бойу** *пам.* кичине, кичинекей; *ол бала-бармак бойу;* **бармак тиштемей** *пам.* 1. эркек бала бой жеткенде эт тууроо сыноосунан өтөөр алдында чоң туурамчынын бармагын тиштеп жол алуу жөрөлгөсү; *бармак тиштемей болгон;* 2. *түнд.* жаш аңчынын адегенде бата алып, аңга чыгуу жөрөлгөсү; *ээ, балам, бармак тиштемейден өт;* **бармак үстү** *жерг.* чикит ойнунда баласын бармактын үстүнө коюп, анан түшүрүп чабуу фазасы; *бармак үстүдөн кийин сөңгүл болот;* **үч бармак** *түшт.* сайманын бир түрү (сал. газ айак); *үч бармак сай деп буйрук берет.*

БАРМАКАЙ *жжол.* боорсоктун бир түрү; *бармакай, чозмо, патыр, тывыт деп жаз.*

БАРМАКЧА *батк.* килемге салынуучу көчөттүн бир түрү; *башкарган жагына бармакча салып койдум.*

БАРМАЛЫК *жерг.* канаттуулардын (келгин куштардын) учуп келер жана учуп кетер мезгили; *бармалыкка чыгаарда жети күн уктайт.*

БАРПА *лейл.* түзүлүү; *он жетинчи жылы Совет өкмөтү барпа болуп,*

кумшекер, ожкат берип, жардам кылды.

БАРПЫ I *ал., тал.* өсүмдүктүн аты; *барпы жулам деп үч жолу ынтылат;* **ак барпы** өсүмдүктүн аты; *ак барпы Алайда өсөт* (орусча — «заравшанский», уулуу өсүмдүк, малга зыяндуу); **кара барпы** *тал.* өсүмдүктүн аты; *кара барпы Чаткалда да, Таласта да өсөт* (орусча «таласский», уулуу өсүмдүк, малга зыяндуу).

БАРПЫ II: **сары барпы** *тал., кочк.* 1. канаттуунун аты; *сары барпы куштардын чечени*; 2. комуз күүсүнүн бир түрү (бул күүнүн 16 вариантын Ниязаалы деген чоң комузчу черткен экен дешет); **Таластын сары барпысы** *тал.* күүнүн аты; **кара барпы** *чүй.* бүркүттүн бир түрү.

БАРС *өзг.* айбандын аты; *барс өңдөнүп сулкуйат.*

БАРСАКА *батк.* чакмак ойнунун бир фазасы (мында жердеги таштар колго бир – бирден топтолуп, анан кайра жерге коюлуп, тобу менен алынат); *барсаканы ала алвай ынандым дейт.*

БАРСКОЖУН *тал.* дөшүү; *барскожундун үстүнө койуп чаптым.*

БАРСЫЛДАК *түп.* майда мөмөлүү жемиш өсүмдүгүнүн бир түрү; *Улкандыкынан далай жолу барсылдак жедик ээ.*

БАРТАЛ *түшт.* жүк артылган улоо мал; *жетелегени бартал, «макул сага тийем» дептир.*

БАРТАН *алб.* жыгач өсүмдүгүнүн бир түрү; *бартаң чал аза–музага окшош, тескейге өсөт.*

БАРТЫНАЙ *түнд.* портной; *айылдагылар аны бартынай деп койушат.*

БАРХАДАР *лейл.* пайда, береке; *о, бечара бархадар тавың.*

БАРЧА I *тяньш.* жалпы эл, көпчүлүк журт; *күрүч жанывар барчага маалым тамак;* **барчага баравар** *лейл.* жалпы, тегиз бирдей; *тура тур, барчага баравар бала болот.*

БАРЧА II *ыск.* парча; *бар–бар үндүү, барча таяктуу.*

БАРЧА III *лейл.* сөзү түшүнүктүү адам; *атаң галча эдө, сен барча болгун.*

БАРЧЫЛЫК *түшт.* молчулук, жетишкендик; *дүнүйө барчылыктын көркү тура.*

БАРЧЫН: **кара барчын** *ыск.* кыраан бүркүттүн бир түрү (бүркүттүн бул түрү Какшаал тарапта болот дешет); *кадимки Какшаалдын кара барчын.*

БАРЫ *пам.* баары; *чечендин бары уз болот, чечилвес дожто сүйлөжтө.*

БАРЫМТА *ал.* 1. карыз; *барымтага берип турчу*; 2. *түнд.* аламанга салып тартып, бүлүндүрүп алуучулук; *барымта кылып чаап кетет.*

БАРЫШ: барыш жат барыш *батк.* чүкөнү атканда бир тоскоолго учурап калса, кайра атуу фазасы.

БАС *жерг.* болду! жетишет! токтот!; *бас кылдым, ичпейм.*

БАСА I *ыск.* 1. дагы; *баса дагы эмне дээр экен;* 2. сырдык сөз; *баса, ал эмне дейт?* (сал. тув. база «дагы»).

БАСА II *баткч.* сырдык сөз (кайрылуу учурунда айтылат); *баса бери бас.*

БАСАВЫР *жерг.* чыдамдуу, чыдамкай; *басавыр болсоң, иш бүтөт.*

БАСАГАЧ *батк.* 1. басаанак; *мергенчилер басагач болот*; 2. бир нерсени басып калма адаты бар адам; *ол басагач «мен чавыттан чыгайын» дейт.*

БАСАЖУП *жумг., акт., тторо.* үйдүн үстүнө коюлган чабак жыгач (сал. ырсажуп); *басажуп койгондор астынан жолукту.*

БАСАЙ *жерг.* болду! токтот! жетишет! тим! жөн!; *көп сүйлөвө, басай.*

БАСАЛАК *түшт.* тегирмендин ташы; *басалагы басып жатат, сугалагы сугунуп жатат* (таб. тегирмен).

БАСАЛГАЛУУ *чүй.* токтоо; *арийтүү сөздү сүйлөгөн басалгалуу киши элеңиз.*

БАСАНДА *өзг.* басаңча; *саал басанда болуп калды го.*

БАСАР I *чүй.* баар; *басарда алар менен саламдашат.*

БАСАР II: **басар баса** *жерг.* тиш ооруганда түкүрүү үчүн колдонула турган сөз; *басар баса куйт–куйт.*

БАСЕНДЕ *түшт.* басаңча; *басенде болуп гэп урду.*

БАСКАК: **боор баскак** *суз, өзг., пам.* 1. койдун оорусу (боорго курт түшүп оору); 2. кой өтө семиргенде боорына майы сиңип кетүү (сал. бачкак); *кой семирип боор баскак болот.*

БАСКАТ *пам.* костюм; *ээ, балам, жол болсун, баскатты кайдан алдың?*

БАСКЫЛЫК *чүй.* 1. балапан басып чыгара турган жай, орун; 2. *тяньш.* элик, эчки – теке мекендеп жатып жүргөн орун; *бир эчки баскылыктан чыга качты*; 3. *атб.* эшиктин алдындагы көп басылып тапталган жер; *баскылыка отурбачы.*

БАСКЫН *түн.* эл – жерди, малды басып алгандык; *баскын болуп, кемпирлер да качкан.*

БАСКЫНЧЫ *түнд.* басып алууга көнгөн киши; *жоо деп да айтат, баскынчы деп да айтат.*

БАСКЫЧ *тал.* тегирмендин үстүнкү ташы; *баскыч салып кысылтат.*

БАСМА *ичк., тяньш.* 1. сайма тигүүнүн бир түрү, жолу, ыгы (сайма жолу көшөгө, калпак, килем, туш туурдук ж.б. буюмдары жасоодо кеңири колдонулган); 2. *ыск.* тамак оорунун аты (мында кичине тил көбө түшүп, тандайга жабыша калат. Аны басмачылар сөөмөй менен төмөн басып, кан чыгарып, эс алдырышкан. Азыр мындай дарылоо жок); *тамагым далай жолу басма болуп, азап көргөм*; 3. *жерг.* ташты тизип, орто жерин чуңкур казып, анан үстүнө жалпагыраак ташты жыгачка сүйөп коюп, суусар менен сүлөөсүндү кармоо үчүн жасалган таш капкан; *бала кылыч таап, басмадан секирип өттү*; 4. *жерг.* кына, осмонун тамырынан жасалуучу боёк; *басма деген карындаштай бойок болот*; 5. *батк.* там үйдүн ички жогорку жээгине (сөрөптин үстүнө) коюлган жылмакай кооз жыгач; *басма сөрөпти басып турат*; 6. *зам.* жүнү чарыкка ийрилип токулган чепкен; *онун ордуна басма кийейин дейт*; 7. *батк., жерг.* чакмак таш ойнунда чачыраган ташты бир жерге терип чогултуп, басып, анан шыпырып алуу фазасы; *басмадан жаңылбай ойнойт;* **бат атар басма** *ыск.* илгерки мылтыктын бир түрү; *бат атар басма деп койгон* (бул мылтыкка окту стволдун оозунан түртүп салып, артынан милте түтөтүп аткан); **жөкө басма** *жерг.* чакмак таш ойнунун бир фазасы (мында таштар жеке – жеке терилет); *жәкә басманы таштай койуп чыкты;* **эки басма** чакмак таш ойнунда жердеги таштарды эки – экиден топтоп алуу фазасы; эки басма бүттү; **үч басма** жердеги таштарды үчтөн терип алуу фазасы; *үч басмам, үч аш деп айта беревиз.*

БАСМАЙ *жерг.* 1. бир нерсени басып калуу; *менин тилимди алгыла, болвосо, басмай бовосуң*; 2. чакмак таш ойнунда таштарды топ – топ, таптап, басып алуу фазасы (анын «бир басмай, эки басмай, үч басмай, топ басмай» деген фазалары болот);

бут басмай *пам.* үйлөнүү тоюнда күйөө менен кыздын бутун бири – бирине (белин, көзүн таңып туруп) бастыруу жөрөлгөсү; *бут басмайда бала да, кыз да бутту тез басуwга шашат.*

БАСМАЙЫЛ: **гилем басмайыл** *батк.* килем сыяктанып кооздолуп согулган сызма басмайыл; *тезек терип жүрүп, гилем басмайыл таап алат.*

БАСМАК *тал.* кара малдын оорусунун бир түрү; *уй кээде басмак болот дейт.*

БАСМАН *лейл.* көкүрөккө тагыла турган чарчы күмүш кооздук; *эки пар басман алгыла.*

БАСМАЦЫ *баткч.* басмачы; *душманды басмацыны пайлашат.*

БАСМАЧЫ *ыск.* тамактын басма оорусун дарылоочу дарыкер; *мени эмчигиле деди басмачы кемпир.*

БАСМАЧЫЛЫК *жерг.* зордукчулук; *басмачылыгы кыжырды келтирет.*

БАСРА *лейл.* кырман жанчканда өгүзгө сүйрөтүп коюучу сүйрөткү; *басраны сүйротүп келди.*

БАСРЫК *жерг.* албарсты; *басрык басып кыйналды.*

БАСТЕК I *тал., чүй.* 1. кумган; 2. жалпак, бөйрөктүү жез же калай чайнек; *бастектин ичин чайка* (сал. чайдоос, чөөгүн); **ак бастек** *чүй.* ак чайнек; *ак бастектен чай куйду.*

БАСТЕК II *түнд. к.* пэстэк; *кат–кат тондуу, бастек бойлуу.*

БАСТЕК III *жжол. к.* посток; *бастек, калта, чыпта, челек, шише.*

БАСТЫРГЫЧ *ичк.* чач мончокко тагыла турган күмүш кооздуктун бир түрү (төрт бурч болуп, үч тиштүү келет да, орто жеринде төрт ромбу жалбырак сымал кооздугу болот); *бастыргычты шол жерге таштап кетет.*

БАСТЫРМА *түшт.* 1. тигиштин бир түрү; 2. *жжол.* кээ бир мылтыктагы запас ок салып коё турган сай; *беш атардык бастырмасына беш ок батчу*; 3. *пам.* дикек, шалча, ала кийиз, кош жабык, табак – аяк, кашык каптарга салынуучу көчөт гажарынын бир түрү; 4. *ал.* сайманын бир түрү (бул жакта сайманын дагы: басма, терс айык, жөрмөмө, илме, көптүрмө, жаза сайма, тuwра сайма, кежиме, дүрүйа, мушкул, сuwрума, тепчиме, кайыма, сuw салма, айкалыштырма, миң кайык, толтурма, илмек, чалма, жалпак чалма, жумуру чалма, чuwуртма, терме, чатышма, өткүрүп сайма, деген түрлөрү болот); 5. *баткч.* ат тердегенде суук тийбес үчүн ага жаап коё турган ороо; 6. *өзг., тыньш., түшт.* эки же үч жагы дубал, төбөсү жабык, калган жагы ачык жасалган короочо; *Ысак бастырмада*; 7. *пам.* жашырынып кала турган калканч, көмүскө жер; бастырмада жатып көрөт (кээ бир жерде ал «бастырма» же «буктурма» деп да айтылат).

БАСТЫРОМКЕ *ыск.* бастыруңке; *бастыромкем үзүлүп калды.*

БАСТЫРЫК *ыск.* арабага, чанага, машинага салынган же жерге жыйылган чөптүн үстүнөн бастырып коё турган жыгач; *бастырык менен бастырып кой* (сал. тув. бастырык); **көкүл бастырык** *пам.* көкүл баскыч; *көөкүл бастырык менен аттын көкүлүн басат*; **таш бастырык** *жерг.* чүкүрү өсүмдүгүнүн бир түрү (көбүнчө таштын астынан чыгып, даамы таттуураак болот); *таш бастырыктан үзүп келчи.*

БАСЧЫЛ *атб.* басыла турган жер; *басчыл жерден өтөлү, мен бир сыр айтайын.*

БАСЫВАЛДЫ *түшт.* 1. сайманын бир түрү; 2. *лейл., суз., чүй.* коондун

бир түрү (кабыгы тордомолуу, орточо чоңдуктагы коон бышканда сабагынан өзү үзүлүп калат); *басывалдыны жеп көрдүңбү?*

БАСЫК; айуу басык *ыск.* майпандап баскан басык; *анын басыгы айуу басык* (кишиге карата айтылат).

БАСЫМ *тяньш.* упай ойнундагы үч чүкөдөн турган бир бөлүк; *жүз басым чүкөсү бар экен.*

БАСЫМДЫ *пам.* басырынып кеткендик; *басымды болгон бала.*

БАСЫН *батк.* токтолуу; *басынып адам болуп калыптыр.*

БАСЫНДЫ *суз.* 1. кемсинип кор болуп жүргөндүк; *басынды болуп далай жүргөнбүз*; 2. жүдөө.

БАСЫНДЫЛЫК *суз.* жүдөөлүк; *басындылыгына эмне дешин билвейт.*

БАСЫР *өзг., пам.* укугу төмөн, жүнү бош; *өзү басыр экен, анын кызын кайдан алсын;* **басыр айыл** *пам., жерг., тар., эск.* жарды – жалчылар, кембагалдар жана укук жагынан чоң урууларга кошула албаган кичине айыл (кээде мындай айыл «курама» деп да аталган. Мындай айылга киргендер «чоң айылдын» өкүлдөрүнө көз каранды болгон. «Маслаат» иштерине кийилигишке алышпаган, кийлигишсе күбө же угуучу иретинде болушкан); *басыр айылдан келген дейт.*

БАСЫРЛЫК: **тең басырлык** *жжол.* тең кылып таңылган жүктүн арасындагы бош орунга коюлуучу жүн; *тең басырлыгы жок калдывы?*

БАСЫРЫК *ичк.* 1. шамалда боз үйдүн түндүгүн учурбас үчүн чамгарактан тартылып казыкка (үйдүн ичинде) байланган жип; *бээр болуп калды үйгө басырык салып койсоң*; 2. албарсты; *басырык басты;* 3. *тердик* (сейрек айтылат); *басырыкты берчи*; 4. *жжол.* үстү таар, ичи кийизден жасалган ат жабуу; *Жөкөй сайапкер басырык жапкан атын жетелеп жүрөт;* **көпчүк басырык** *жерг.* көпчүктүн үстүнөн тартыла турган басмайыл.

БАСЫРЫКТА *жжол.* чалыгуу; *басырыктап чечиреп оwруп калам сүйлөсөм.*

БАСЫКТЫ *жерг.* баш жуюй турган нерсе; *басыктысын кемирген, байталдай болуп семирген; сүзмөсүнү кемирген, сыйырдай болуп семирген* (мак.).

БАТ I *лейл.* 1. адамдын денесинин жалпы эле шишип кетиши; *онун бәдәни бат болуп кеткен*; 2. *батк.* адамдын денесине темгил – темгил так түшүп ооруган оору; *колунун терисиге бат түшүптүр;* 3. *түнд.* сөөктүн чирип кетиши.

БАТ II *батк., миф.* бөйөн чакканды дарымдаганда айтыла турган сөз; *ак бат, кара бат: айда бат, жылда бат; чил бат, чилдир бат; койон желдүү бат, так Сулайман пайгамбар дәми менен туф;* **баркы бат** *чүй.* кадыр – барк; *тамакты баркы – батына жетпеди.*

БАТ: **бат атар** *чүй.* 1. илгери мылтыкты тез атуу үчүн атайын чүпүрөккө, же кисеге салып даярдап алган ок – дары; *бат атар кылып дайардап алган*; 2. *ал., батк.* пистолет; *бат атар байланып алыптыр;* **бат бышар** *батк.* өрүктүн бир түрү; *бат бышар тез пышат.*

БАТА: бата бузуу *түшт.* кудалар кыз – жигиттин үйлөнүшүнө чейин мурунку убадасын кандайдыр бир себеп менен бузушса, кайра чыгымдарын төлөп берүү жөрөлгөсү (бирок бата бузуу иштери өтө сейрек учураган); *бата бузуудан кийин унчукпай кетип калат;* **бава дыйкаканга бата оку** *зам.* кош айдалардын алдында түрдүү

ырымдарды жасап бата окуу жөрөлгөсү (бава дыйкан колдосун, бәрәкәсин бер, ырыстуw бололук деп бата окуйт).

БАТАЛГА *жерг., суз., лейл., батк., зам.* 1. дөңгөч; (отун жарылат, эт чабылат); *баталгага койуп, отун кыркат.* 2. *суз.* ээн жерге чыккан жалгыз түп дарак; *баталгага ат байлады.*

БАТАМАМ *жерг.* бүтүндөй; *бир айыл батаман чавылган.*

БАТАЧЫ *лейл.* өлүккө карата көңүл айтып келген адам; *тиги үйгө батачылар келди.*

БАТӘП *батк.* мол, көп; *кашекти батәп кылып сал.*

БАТИНИС *чүй.* батнос; *бир күнү батинис алганы келет.*

БАТИР *ыск., эск.* квартира; *Караколдо батирде турган экен* (бул сөз түндүк говорлорго казак, татар тилдеринен оогон болсо керек. Сал. пәтәр, бәтәр. Орус тилиде бул сөздүн "фатера" деген түрү бар).

БАТИС *ыск.* товардын бир түрү; *көйнөгү батистен экен.*

БЕДЕ II: **ак беде** *түнд.* жапайы беде өсүмдүгүнүн бир түрү; *ак бедени мал жейт;* **бәрә беде** *батк.* жаш беде; *опосу жок шум жалган чавылган бәрә бедедей;* **бошко беде** *жжол.* кол менен эгилген беде; *бошко беде, кашка беде, жапан беде бар;* **кашка беде** *түнд.* узун, жоон сабактуу, бутактуу жапайы беде; *кашка бедеден оруп келе бер;* **кой беде** жапайы майда жалбыраktуу, ичке сабактуу беденин бир түрү; *кой бедени кой жата калып жейт;* **тоо беде** *өзг.* өсүмдүктүн аты; *тоо беде мәйдә өсөт;* **уй беде** *түнд.* майда, жумшак жалбыраktуу, тоголок баш ала турган жапайы беде; *уй беде калың чыгыптыр;* **элпек беде** *жерг.* жумшак, ичке беденин бир түрү; *жөмжөwул, чавызкан, бowлук, элпек беде өсөт;* **эшек беде** *жерг.* өсүмдүктүн аты (сарыгүл ачып, беде сыяктуу өсө турган өсүмдүк); *эшек беде алып келчи.*

БЕДЕЗАР *ар., батк.* беде көп өскөн жер; *бедезардан өтүп кетти.*

БЕДЕЗАРДУУ *батк.* беделүү; *бедезардуу калың бак.*

БЕДЕКЧИ: **бедекчи әй** *жерг.* ыр менен чертилүүчү күүнүн аты (бул ыр – күүнүн тексти төмөнкүдөй: Бедекчәй, бедекчәй,

Белекчим мунча кечиктәй.
Өңү сулуw кыздарга,
Өрдөк атып кечиктәй.
Сырты сулуw кыздарга,
Сырга салып кечиктәй).

БЕДЕЛДҮЛ *өзг.* сырдык сөз (таң калганда «жарыктык» деген мааниде айтылат); *беделдүл, кемегенин башында кемпир отурат.*

БЕДЕН *акт., ттороо. к.* бәдән; *беденің түзө, кыргыйдан илгир бол, мен койондон жапыз болом.*

БЕДЕНЕ *акт., өзг.* хром булгаары; *бедене өтүгүн кийип алды* (сал. бәдәнә).

БЕДЕР *пам.* 1. сайма түр; 2. түр салынып кооздолгон буюм; *бедери телпек беркү бар;* **беш бедер** *ичк.* сайманын бир түрү; *жакага сайган беш бедер түрдөйсүң».*

БЕДЕРЛИ *зам.* саймалуу; *бедерли тутар уста уз.*

БЕДЕРЛИК *жерг.* бедерлүү; *бедерлик тону жәрәшәт.*

БЕДИГӘР *пам.* дайынсыз; *көп киши бедигер болуп кеткен.*

БЕДИН *жерг.* динсиз; *бедин бир келди шаштык чи.*

БЕДӨW *зам., түшт.* 1. жылкынын бир тукуму (жалы кыска өзү күлүк, буту – колу узун жылкы тукуму. Илгери түштүк райондордогу жергиликтүү кыргыздар жылкынын бул тукумун Самаркан, Кокон

тараптан алып келишкен экен); 2. араб элинен чыккан адам; *алдыдан бир бедөw келди;* 3. *батк.* эч бир туубаган ургаачы мал; 4. как баш адам; *бедөw киши деп койот.*

БЕДУТ *жерг.* түтүнсүз; *поприс бедут болуптур, сызда жатып* (сал. таж. бе+дуд «түтүн»).

БЕДЫМАК *жерг.* дымаксыз; *о жигит бедымак экен* (сал. таж бе+димог «көңүл»).

БЕЖАГЫМ *лейл.* тажатма, жадатма; (сал. таж. бе+кырг. жак+ым); *ассоломалекум, бежагым киши.*

БЕЖАЙ *зам.* жайлуу, көрктүү жер; *Кәттә–Котондун астыда бежай жер бар.*

БЕЖӘЙ *түшт., ичк.* 1. шок, жаны жай албаган, жөн тура албаган бала; 2. албуут аял (сал. таж. бе+жой); *саламың болвосо саргайтат элем бежәй сени.*

БЕЖӘНЖИР *батк.* бейбаш; *онун баласы бир бежәнжир өсүптүр.*

БЕЖЕ *өзг.* безе; *торгой күү бежейт.*

БЕЖЕРЛИК *батк.* жергиликтүү эмес; *сен да бежерлик экенсиң.*

БЕЖИМ *өзг.* чүкө; *алигиң болвосо бежимиңди алат элем.*

БЕЖООП *жерг.* жоопсуз (сал. таж. бе+жавоб); *кәмпир бежооп отура берди.*

БЕЗ I *баткч., жерг.* богок оорусу (илгери бул оору менен ооруган адамды эгиз төрөгөн аялга тептирип ырымдаткан. Сал. таж. без «гланда»); *без менен owруп отурам, өзүң түшүп ала кой;* **без таштап шишет** *баткч.* без түшүп шишийт.

БЕЗ II *батк.* баз; *бизде без дейт* (сал. таж. диал. без «без»).

БЕЗАЙАК *лейл.* аяксыз, түпсүз; *шамалды күнү чакырба, үнүң кетет базайык* (мак. бал. безәйә).

БЕЗӘВИТӘ *жерг., лейл., батк.* 1. кыжаалат; *өзүңөн өзүң безәвитә болво* (кээ бир жерде «хамтама, камтама; каватыр» деп айтылат); 2. кыйноо; *ыкывалдан тап чыгып, таң аткыча безәвитә болду;* 3. *лейл.* чый – мыйы чыгуу, шашылуу; *сәәл кечиксе эле безәвитә болуп дөңгө чыгат* (сал. жызы – быйран).

БЕЗӘЙӘ *пам.* бекер, тек пайдасыз; *шамалдуw күнү бакырба, тоошун етет безәйә* (мак. Сал. таж. безийо «караңгы, күңүрт»).

БЕЗӘР *ичк.* жадоо, көңүл калуу; *аракты көп ичип безәр кылды* (сал. таж. безор).

БЕЗӘТ *батк.* балдарга карата урушуп какканда колдонула турган сырдык сөз; *безәт, жөн отур!*

БЕЗБЕЛДЕК *өзг.* 1. оюндун бир түрү; 2. *түнд.* канаттуунун аты; *безбелдек деген бир куш бар.*

БЕЗБЕК *батк.* көк бет; *шу турушуң менен безбет турвайсыңбы.*

БЕЗБЕТТИК *батк.* көк беттик; *безбеттик кылва!*

БЕЗГЕК: **кара безгек** *батк.* безгек ооруусунун бир түрү (кол – бут шалдырап ооруп, анан ысып чыккандагысы); *кара безгек тамам жойулду.*

БЕЗДЕНГЕ *түшт.* аксыз, акчасыз (сал. ор. без+деньги*); үч күн, үч түн бездеңге жүрүп отурат.*

БЕЗЕК *зам.* кооз, көркөм; *жасаган гилеми безек экен.*

БЕЗЕЛИ *пам.* күүнүн аты; *безели салт күwтө кирет.*

БЕЗЕП *жерг.* түссүз, өңсүз, түрү суук; *о кыз безеп экен.*

БЕЗЕР *батк.* жалкоо (бул сөз көбүнчө «болуп» деген сөз менен бирге колдонулуп маани берет)*; ол иштен безер болуп кетти* (сал. безәр); **ак безер–көк безер** ичип – жеп, бир жерге турбаган жемекей

адам; *ак безер – көк безер болуп чырылдап жүрөт.*

БЕЗЕРИ *батк.* жалкоо, оюнкараак, тартипсиз; *жүдө безери бала болдуң го.*

БЕЗЕРИЛИК *батк.* качкын; *безерилик кылба.*

БЕЗИК *жерг.* торсоюп чоңоюу; *кылыгы сезиккен, эмчектери безиккен.*

БЕЗИРЕЙ *батк.* безирейип эле туруп алды.

БЕЗМӘНТ *түшт.* тумардын бир түрү; *безмәнт тагынып жүргөнүнө таң калдым.*

БЕЗОРИ *жерг., миф.* шайтандын энеси (сал. әзори); *шайтандын энесин безори дешкен* (сал. безәри).

БЕЙ: **бей алма** *түшт. к.* бихи, бээ; *бей алмага келдик дейт.*

БЕЙАВАН *пам. к.* бийаван; *бейава ээн талаада.*

БЕЙАЙВАТ *түшт.* айбатсыз, коркок; *бейайват дәңгәсә эшекти доошу чыгат.*

БЕЙАКЫЛ *батк., тал., чатк., ичк.* акылсыз; *атасын тилин албаган бейакыл бала шум болот* (сал. беакыл).

БЕЙАЛ *пам.* алсыз, күчсүз; *өзү бейал «бетеге кетип бет калат, суw кетет дә сай калат» дейт.*

БЕЙАР *батк.* арсыз; *ашкавактын пәләги бейар келет.*

БЕЙӘВИР *зам.* абийирсиз; *ол катын – бейәвир катын.*

БЕЙБАЗАР *батк.* 1. базары жок; *бейбазар алпара берет*; 2. жума, жекшембиден башка күн.

БЕЙБАРААЛ *лейл.* ийгиликсиз; *бейбараал эле кишинин кәлләсинән мунара жасаткан имиш.*

БЕЙБЕЛЧЕК *суз.* манча; *бейбелчеги кылдай, чыгар – чыкпас башы бар.*

БЕЙВА *жерг., өзг.* жесир; *онун эри өлүп бейва калды* (сал. бева).

БЕЙВАК: **кекилик бейвак** *жерг.* басанаак; *кекилик бейвак девейви.*

БЕЙВАПА *жерг.* күйүмсүз; *бейвапа чевер жары бар* (сал. бевафа).

БЕЙВЕЛЕК *чүй к.* байвелек; *бейвелектерди чактырып салат.*

БЕЙГАМ *түшт.* камы жок, капарсыз; *бейгам гана жашаган* (сал. бегам).

БЕЙДААРАТ *түшт.* дааратсыз; *бейдаарат Барпы жүрөт деп.*

БЕЙДАВА *өзг.* дабасыз, айласыз, пайдасыз; *әй, бейдава сени кантсе болот* (сал. бедава); **дәрти бейдава** *өзг.* күйдүргү; *жеткен бир дәрти бейдава болдуң го.*

БЕЙДАРМАН *түшт.* дармансыз, оорукчан; *бейдарман кәмпир.*

БЕЙДАРЕК *жерг.* дарексиз; *бейдарек жоголво.*

БЕЙДӘЛИЛ *жерг.* далилсиз; *онуң бейдәлил гәп.*

БЕЙДӘРТ *өзг.* дартсыз, оорусуз; *овкат бер, бейдәрт болот.*

БЕЙДИЛ *жерг.* таш боор; *бейдил түшүнбөдү.*

БЕЙЖАҢЖАЛ *алб.* жаңжалсыз; *эл тойго көп кеген экен, бейжаңжал.*

БЕЙЖӘЙ *жерг.* жайсыз, тынчсыз (сал. таж. бе + жой); *бейжай болвой жowдун алдыны алсын дейт.*

БЕЙЖООП *суз.* жоопсуз; *бейжоопсуз адам, өз билгенин иштейт.*

БЕЙЗӘР *жерг.* беймаза; *сен бир жолу мени бейзәр кылдың.*

БЕЙЗӘРИ *жерг.* тентек, хулиган; *үйдө отурвай бейзәри болдуң.*

БЕЙЗӘП *пам.* көңүл караңгылап, тап тартпай калгандык; *кечээтен бери бейзәп болуп жүрөмүн.*

БЕЙЗОВУТ *алб.* тынчсыз; *балам кәсәл, түнү бейзовутта кылды.*

БЕЙЕ *батк.* бээ; *бейе байлаганды билбейвиз* (сейрек айтылат).

БЕЙИ *өзг. к.* бихи; *базарда бейи кымбат экен.*

БЕЙИДРЕК *жерг.* идрексиз; *шо бейидрек биле веде?*

БЕЙИЗӘТ *жерг.* ызатсыз; *әә, бейизәт иш кыва.*

БЕЙИМ *баткч.* тынч; *Әширдин соту бейим болуп калды.*

БЕЙМАН *жерг.* ыймансыз, уятсыз, (сал. таж. бейимон «ыйман»); *атасы көргөн бир карааңга барса, ол бейма киши болуп чыгат.*

БЕЙИЛ *ыск.* пейил; *ал баланын бейли жакшы.*

БЕЙИС *какш.* бейиш; *ал бейис кетиптир.*

БЕЙИТ I *пам.* канаттуунун аты (бул канаттуу «бейит – бейит» деп үн чыгарат имиш); *бейитти көрсөтсөм болот эде учуравады.*

БЕЙИТ II *кетм. к.* буйет; *бейитте ичкимди билвестигин айтат.*

БЕЙИШ *ыск., терг.* Жыргал, Жыргалбек, Жыргалбүбү, Жыргалбай өндүү аттарды тергөө; *бейиш аттуу акем кайда кетти?*

БЕЙКАВАТ *жжол.* айбаттуу; *бейкават үнү чыкты.*

БЕЙКАДЫР *батк.* кадырсыз; *адам кәсәл болгондо бейкадыр болуп калат экен.*

БЕЙКАЙРАТ *жерг.* кайраты жок, коркок; *бейкайратсың, айт, кысталак чын сырыңды.*

БЕЙКАКЫ *түшт.* эрсиз, күйөөсүз; *мен сага тийбесем бейкакы өтөм дүйнөдөн.*

БЕЙКАРУW *жерг.* күчсүз, алсыз; *бейкаруw ит, сени иттерге тойут кылдырайынбы? – дейт.*

БЕЙКАС *жерг.* 1. кастыгы жок; *бейкас иш кылва*; 2. *өзг.* өзүмчүл 3. *жерг.* байкабай басуу; *бейкас баспа.*

БЕЙКАСАМ *түшт.* товардын бир түрү (чаар ала түрү бар жибек кездеме); *бейкасамды кийе элегин айтып туруп алды;* **сәвизи бейкасам** *ноок., батк.* көк шайы тон.

БЕЙКОМУЗ *лейл.* комузсуз; *Акмат атта туруп, бейкомуз ырдачы эде.*

БЕЙКҮНӨ *тал., түшт.* күнөөсүз; *бейкүнө эле толорсугунан тешип жиберет.*

БЕЙЛӘПТӘ *пам.* көңүл караңгылагандык; *азар жүдө жәмән бейләптә болуп тургам.*

БЕЙМАЛ *тал.* бекер; *беймаал басып жүрүwдөн тажавайсыңарбы?*

БЕЙМАЛАЛ *жжол., лейл.* капарсыз, коопсуз, кең – кесири; *беймалал гана кире бериңиздер.*

БЕЙМАН *чүй, ыск.* мейман; *бейман эмессиңби, ал!;* **бейман келиптир** ◊ *алб., эвф.* чечек чыгыптыр.

БЕЙМАНА *түшт.* жөн эле, ыксыз эле, себеби жок эле; *беймана ыйлай берет.*

БЕЙМАР *түшт.* оорукчан; *быйыл жүдө беймар болуп калыптыр.*

БЕЙМАРАЛ *түшт., ккырг. к.* беймәлал; *беймарал жүргөн жылкычылар соога сурады.*

БЕЙМӘӘНИ *өзг.* 1. маниси жок; 2. обу жок; *өтө эле беймәәни окшоп калды.*

БЕЙМӘЛӘЛЧИЛИК *өзг.* бошчулук; *беймәләлчилик болуп калса, барам.*

БЕЙМӘСЛӘӘТ *түшт.* кеңешсиз; *кантип эле беймәсләәт?*

БЕЙНААР *түнд.* ачка; *бейнаар эле киришкенсиң го.*

БЕЙНАМАЗ *батк.* намазы жок; *бечара бүвү, бейнамаз сопу* (таб. мекиян, короз).

БЕЙНАМЫЗ *батк.* намызы жок; *кой жигит, бейнамыз экесиң.*

БЕЙНӘСИП *суз.* насипсиз; *бейнәсип адам болвойт, балдар.*

БЕЙНЕ *жерг.* (бе + ийне) ийнесиз; *бейнесиз тигилген.*

БЕЙНУР *алб.* нурсуз; *көзүм бейнур көргөнгөвү, алыстан тааный алвадым.*

БЕЙНЫСАП *батк.* нысапсыз; *бейнысапка кашык сунсаң үч ууртайт* (мак.).

БЕЙОЗУР *батк.* кыйналгандык; *түнү менен бейозур болуп чыктым.*

БЕЙПААМ *түшт.* баамсыз, түшүнүксүз; *ону элевеген бейпаам эмеспи.*

БЕЙПАЙАН *зам.* учу – кыйры жок; *бейпайан талаа.*

БЕЙПАРАСАТ *түшт.* дөдөй, делбе; *далбас уруу – бейпарасат гана кишинин иши.*

БЕЙПӘРВӘ *өзг., жжол. к.* каватыр; *көп эле бейпәрвә боло берве.*

БЕЙПӘРВӘЛИК *өзг., жжол.* буулуккандык, капалангандык; *бейпәрвәлик кылыптырмын.*

БЕЙПӘРЗӘНТ *түшт.* баласыз; *бейпәрзәнт өтөмбү?*

БЕЙПЕШЕНЕ *түшт.* 1. бактысыз, таалайсыз; 2. мунжу; *бул бала бейпешене, көп дәрти бар.*

БЕЙПУЛ *тал., түшт., ичк.* 1. акчасыз; теңгесиз; 2. *өзг., өтм.* бекер; *базарда коон бейпул болуп жатат.*

БЕЙРАЖА *пам.* тартипсиз; *ол баласын бейража үйрөткөн.*

БЕЙРЕК *алб.* чабал, начар; *бечел – бечел бейрек, жеген наны чейрек.*

БЕЙСААТ *түшт.* мезгилсиз, убактысыз, жөнү жок; *күнүгө уруш бейсаат.*

БЕЙСАВАТ *кашк.* орунсуз, ыксыз; *бейсават жерге отурушпайт.*

БЕЙСАЗ *суз.* көрксүз, жараксыз; жагымсыз; *бул үй бейсаз болуп калды.*

БЕЙСАКАЛ *алб.* илгери басмачылардын башчылары сулуу эркек адамды оюнчу катары алып жүргөндөгүсү; *үч бейсакал адамы бар экен.*

БЕЙСАЛАКА *өзг.* 1. одоно; *бейсалака сөз әйтәт*; 2. *жерг.* орунсуз, ылайыксыз, ыгы жок иш кылган адам; *ол – бейсалака адам.*

БЕЙСАРАМЖАЛ *өзг.* сарамжалсыз; *үйүн бейсарамжал кармайт экен.*

БЕЙСАНАА *тал.* санаасыз; *бейсанаа ээрчип жүрөт.*

БЕЙТААЛАЙ *жерг.* таалайсыз; *сиздин балаңыз бир бейтаалай баланы уруп койду.*

БЕЙТААРАТ *баткч.* бейдаарат; *кылдан кыйкым таппай турат деп бейтааратган чочуган.*

БЕЙТААСИР *батк.* таасирсиз; *бейтаасир адам көрүнөсүң.*

БЕЙТАКА *жжол.* такасыз; *арғымак мидин бейтака, ак ичик кийдий зер жака.*

БЕЙТАРТИП *түшт.* тартипсиз, баш – аяксыз; *бейтартип адам.*

БЕЙТЕШЕ *жерг.* 1. тешесиз эле; *кызыл кап, ичи жык ун, бейнесиз тигилген, ортосунда жети кырлуw сутум* 2. *к.* (бейтешесиз чавылган (сал. жийде).

БЕЙТЫНЧ *жжол.* тынчсыз, тынч жок; *эки тизесин бооруна катып, бейтынч уктады.*

БЕЙТЫНЧТЫК *жерг.* тынчы жок (таж. бе + кырг, тынчтык); *атты токутуп минип кетти, бейтынчтык болдуву?*

БЕЙТТЕ *батк.* бул жерде; *бейтте эмне кылып турасың?*

БЕЙФАРАСАТ *жерг.* тартиби жок; *бейфарасат баласың.*

БЕЙХАВАН *жерг.* кароосуз; *иләйим бейхаван кагыр!*

БЕЙХӨНӨР *лейл.* өнөрсүз, караңгы; *окувай бейхөнөр өткөн да.*

БЕЙХУТ *батк.* өңүнөн азгандык; *бейкут болду.*

БЕЙХУШ *лейл.* эси жок; *бейхуш баласына келип, сенден сурап не алдым? – деди* (сал. таж. бе + хуш «эс». Түндүк говорлордо «байкуш» деген формада тараган, демек бул сөз «эси жок» деген түшүнүк берет).

БЕЙЧӘКИ *өзг.* обу жок; *бейчәки жолго жүрбөгүн.*

БЕЙЧЕН *суз.* ченсиз, өлчөөсүз; *акындыгы бейчен болгон.*

БЕЙШӘРИМ *түшт.* уятсыз, абийирсиз; *бәйшәрим болвосоң соогага шул сураганым бериң?*

БЕЙШЕП *түшт.* заара; *бейшеп ушатканы отурду.*

БЕЙЫРАЖА *ичк.* адепсиз, тартипсиз; *бейыража бала экенсиң, жаның тынчыбаган.*

БЕЙЫРААТ *тал.* иретсиз; *кийиздер, кесиндилер бейыраат.*

БЕЙЫРЫС *түшт.* бактысыз, ырыссыз; *бейырыс – ырысы жок.*

БЕИЗЗАТ *жерг.* 1. урматсыз, ызатсыз; 2. *өтм.* шайтан, митаам; *беиззат, не кылып жүрдүң?* (сал. таж. бе+иззат «ызат»).

БЕИЛӘНЖ *жерг.* ылаажысыз, айласыз; *беиләнж болгондон кийин шодой болот* (сал. таж. бе+илож «ылаажы»).

БЕИЛИМ *жерг.* илимсиз, сабатсыз; *окувай беилим болуп каган* (сал. таж. бе+илм).

БЕК I *түшт.* басмачылардын башчысы; *Мәдәмин бек деген бәлә чыккан;* **эл беги** *түнд., тар.* Кокон хандыгы учурунда дайындалган наместник.

БЕК II: **бек айват** *жжол.* 1. айбаттуу, сүрдүү; *кеветеси бек айват* 2. *жжол.* ачуу, заар; *бекавайт үнгө толду*; 3. *жерг.* бирөөнүн артынан ушак жүргүзбөгөн киши; *бек айват адам;* **бек айым** *өзг., эск.* 1. бектин аялы; *өтм.* 2. иш билги сулуу аял; *бек айым, бул баланын көп дәрти бар;* **бек арман** *түнд.* муңдуу мааниде чертилген күү; *бек арман терс күүгө кирет;* **бек секир** *өзг.* кичинекей жандыктын аты; *бек секир чакпайт, ашка түшөт.*

БЕКАМЧЫ *жерг.* 1. камчысыз; 2. *өтм.* токтоосуз; *бекамчы эле ырдай бер.*

БЕКАРЫЗ *жерг.* карызсыз; *үйгө бекарыз келгенмин.*

БЕКАСИЙЕТ *жерг., зам.* 1. касиетсиз; 2. *өтм.* арам; *ол балага ишенбе, бекасийет экен.*

БЕКӘМКӨС *батк.* даярдыксыз; *бекәмкөс эле отуруп тойго кетишти.*

БЕКБЕКЕЙ: **кыздардын бекбекей** *түнд.* кыл кыяктын күүсү.

БЕКДЕРВИШ *лейл.* улама боюча бир кыйла уруунун түпкү атасы (бул бекдервиштен: сары үсөн, мөжөй, кәлдәр, бөлөк сары, чүчүк уруулары тараган).

БЕКАТТАН *пам.* атчан жоокерди башкарган киши; *бекаттан болвой кол болвойт, бейсаат күнү жол болвойт.*

БЕКЕ I *өзг.* бери кел; *бе ке, балам.*

БЕКЕ II *пам.* бекен; кетсе беке?; *мунда эле келебеке?* («экен» деген сөз аягында «н» тыбышы айтылбай «әке» түрүндө колдонулат. Бул көбүнчө келер чакка мүнөздүү өңдүү).

БЕКЕНЕ *чүй.* чабал; мажүрөө; *ал менден да бекене.*

БЕКЕНЕЛИК *чүй.* чабалыраак, мажүрөөлүк; *ошого да бекенелик кылат.*

БЕКЕР: **бекер сөздөн бээ саан болбойт** ◊ *жжол.* орду жок иштен эчтеке чыкпайт.

БЕКЕРПОЗ *ош.*1. бош, бекер; 2. жалкоо; *бекерпозго берешенди, калпычыга каймак калпытканды кайдан көрдүң?*

БЕКЕРЧИ *суз. к.* бекерпоз; *ол бекерчи, ол буга иштевейт.*

БЕКЕТ *түнд.* 1. XIX к. орто ченинен тартып орус эли менен кыргыз элинин жакындашуусунан улам Кыргызстандын түндүгүндө пайда болгон почто станциясы; *Чүйдө, Көлдө, Нарын жакта бир топ бекет*

болот; 2. *тяньш.* кышында малдарга жылуу болсун үчүн үстү жабууланып салынган сарай; *малга жакшы болсун деп бекет салдырды;* **ак бекет** *тяньш., тар.* XIX к. Нарын менен Куланактын ортосуна салынган почто станциясы (сал. көк бекет); *Куланак менен Нарындын ортосунда ак бекет бар болчу;* ат бекет *кул.* аткана; *бириң ат бекетке барып кел;* **көк бекет** *тяньш. тар.* XIX к. Куланакка салынган кичирээк почто станциясы; *Куланакта көк бекет болгон экен;* **уй бекет** *кул.* уйкана; *бириңер уй бекет салганга жардам бересиңер.*

БЕКИК *жжол., зам., лейл.* бек; *башым бекик деп жооп берди.*

БЕКИМБЕЧЕК, БЕКИНБЕЧЕК *суз., жжол.* жашынмак; *үч жолу бекимбечек ойнойсуңар деп жооп берди.*

БЕКИМЧЕК *түшт. к.* бекимбечек; *балдар бекимчек ойноп жүрүшөт.*

БЕКИНӘӘ *өзг.* коңул, далдаа жер; *бекинээ жерден учуруп живерди.*

БЕКИНМЕК *ош. к.* бекимбечек; *изди куушуп бекинмек ойночувуз.*

БЕКИНМЕЧЕК *зам., өзг. к.* бекимбечек; *бекинмечек ойнойбуз.*

БЕКИНЧЭЭК *лейл. к.* бекимбечек; *бекинчээк ойноп талаага чыкты.*

БЕКИТЕП *жерг.* китепсиз (сал. таж. бе+китоб); *бекитеп, дувалга чыгып кара.*

БЕККИ *жерг. к.* бехи; *беккинин арасыда дүвүрттөп товуш угулду.*

БЕКМА *батк.* жыгач кашык; *бекма менен шорпо* (к.) *ичтим.*

БЕКОР *зам.* берекесиз, жугумсуз; *бекор иш бовосун, әйтип кой.*

БЕКУНАР *пам.* берекесиз, жугумсуз; *бекунар ун экен.*

БЕКУНТ *ар.* кунту жок, тынчы жок; *жожгун алдын алсын, бекунт болвосун.*

БЕКҮWРӘӘК *батк.* бегирээк, бекемирээк; *казакты бекүwрәәк кактыңбы?*

БЕКЧОРО *суз., тар.* Чоронун беги, төрөсү; *бекбекей кетти бел ашып, бекчоро калды адашып.*

БЕКЫЛЫК *түшт.* 1. кылыксыз, кылыгы жок; 2. *өтм.* момун, жоош; *бекылык неме угуп алып тосуп барат.*

БЕЛ I *жжол.* устун; *белди таап бер, Караш.*

БЕЛ II *пам.* чикит ойнунда баласын белге коюп, серпе чабуу фазасы; *бел кол айландырмай, бармак асты, бармак үстү болуп да чабылат;* **белин курчаваптыр** ◊ *батк.* кайрат кылбай оокаттан начарлап кеткендик; *белин курчаваптыр, жок дегенде аттын башын кармаваса боло;* **ала бел** *батк.* курсагы, жону ала мал; *ала бел эчки жүрөт;* **артуw бел** *жерг., пам.* биринен улай бири кеткен бел; *артуw–артуw бел экен;* **ач бел** *жерг.* ичке бел; *ач белини шарт буwду;* **ача бел** *ош.* 1. тоонун эки айрык бели; 2. жердин аты; *Ача–Бел жайлоосунда жашайт;* **бурма бел** *пам.* ичке бел; *бир бурма бел кыз болот;* **замбил бел** *түшт.* кайкы бел; *замбил бел ат экен;* **кумурска бел** *өзг.* орто жери кайкы сымал салынган эн; *кумурска бел эн салган экен;* **найча бел** *батк.* 1. ичке бел; 2. *зам.* най менен аткарыла турган күүнүн аты (бул күү созулуп аткарылат); **тасма бел** *зам.* ичке бел; *эсимден кетпейт тасма бел;* **улоо бел** *түшт.* көч; *улоо бели бек бекен? көчүңөр жакшыбы?* (көч келе жатканда жолдо жолуккан адам ушундай суроо берген); *улоо бели жакшы көч жакшы* (көч менен келе жаткан киши суроо берген кишиге ушинтип жооп беришкен); **бел әйләндирмәй** *жерг.* чикит ойнунун бир фазасы (колду бел айландырып келип, чикиттин баласын чабуу учуру); *бел әйләдирмәй чавамын;* **бел**

бак *түшт., зам.* белбоо, белкурчоо, текмат; *биттә белбакты кәттә базардан сатып алдым* (сал. тув. баг «кур»); **бел басар** *өзг. к.* чөйчөкчө; **бел кармаш** *жжол.* күрөштүн бир түрү (белбоону шалкы, бош курчатып, ага колду кийрип жиберип, анан аны орой камтып, адамды эки капталдан сыга кармап, көкүрөккө тартып, белди ие жерден өйдө көтөрүп жерге жыгуу күрөшү); **бел чалчыг** *чүй.* 1. белдемчинин жогор жагы; *анын бел чалгычы барбы?;* 2. белдемчи; **бел чечер** *ичк., этн.* күйөө адеп үйлөнгөндө анын сырт кийимин (курун, чапанын) чечүү салты (күйөө бел чечкен адамга сыйлык берген);

БЕЛ III *тал., түшт.* темир күрөк; *ылайдын иши бел менен.*

БЕЛБОГ *өзг. к.* белбоw; *белбогуңду оңдоп авайсыңбы.*

БЕЛБОЛ: **белбол конок** *чүй.* ак жүгөрү; *белбол конок айдап жатканда бир өлмөктөн эки өл деп жекирген.*

БЕЛБОО *жжол.* чарчы кур; *өзү белбооң жайа загара нан жеп отурду.*

БЕЛДӘР *өзг.* 1. жаш жигит; *белдәр жигиттер майданда болгон*; 2. *өтм. жерг.* алдуу, күчтүү; *әкәм белдәри адам.*

БЕЛДЕ *түшт.* жерди күрөктөп айда*; тамарканы белде.*

БЕЛДЕМЧИ *ыск.* 1. аялдардын алдына тартына турган калың ал жапкыч; *о, түгөт, белдемчиси кайда эле*; 2. *өзг.* белжоолук (эркектер курчанат); *атам жаңы кәмзир, жаңы белдемчи салынып базарга кетти;* **баш белдемчи** *түшт.* белдемчинин белге келүүчү жеринен курчап алуучу, жазылгы 16 – 18 см. келген, кара баркыт менен тышталган кур (ага белдемчинин этиги көктөлөт); *баш белдемчисин оңдоп «ә, балам, кана, сенин күчүңдү сынайын» дейт;* **кайрыма белдемчи** *түнд.* этеги кенен, чети кундуздун териси менен жүгүртүлгөн, белиндеги куру жазы, кооз саймаланган манат белдемчи; *кайрыма белдемчини айалдар кийген;* **каргыма белдемчи** *алб.* каргыма саймасы бар белдемчи; *каргыма белдемчи азыр калып кетти.*

БЕЛДЕР: **белдер адам** *ош.* 1. белдүү, белгилүү; *райондогу белдер адамдын бири болор эле*; 2. жаш жигит.

БЕЛДИК *түшт., чүй.* 1. тери же кийизден жасалып, улгайган аялдар тартына турган жазы кур сымал (азыр белдик тартынуу көп учурабайт); 2. *түшт., ккырг.* текмат, кур; 3. *ыск., тяньш.* кочкор, теке учурсуз күүлөгөндө белине тартыла турган кийиз; *кочкорго белдик тарткыла* (сал. төштүк); 4. *жерг.* оромонун аттын бел жагына келе турган бөлүгү; *белдикти түздөп тик*; 5. *өзг.* терезе кашектин туура – туура коюлган жыгачы*; сиз айтсаңыз белдигин жасап койом*; 6. *батк.* тердиктин үстүнөн бастырылып коюла турган эни 12 см. узуну 25см. келген, бир жак чети жалпак, жип өткөрө турган экиден кичине көзөнөгү бар жыгач буюм*; белдикти койуп басмайылды тартат*; 7. *жжол.* жүк артканда унаанын белин тарта турган аркандын узун учу*; аркандын белдиги кыска болуп калыптыр;* 8. короо, кашаага узунунан тартылган жыгач*; короого белдик кыйып келчи*; 9. алтыганадан жасалган боолук.

БЕЛДӨW *пам.* 1. жалкынын соорусу*; белдөwтө жапкан жабдыктай кулпурасың шайырым*; 2. адамдын бел көчүккө тартып алган шырыма чүпүрөгү; 3. *өтм.* белдик; *кочкорлорго белдөw тагып койот.*

БЕЛЕГЕЙ *пам. к.* белекей; *түндөсү келди белегей.*

БЕЛЕК I: **белек амалы** *ыск.* илгери келинди кыз деп бирөөгө

кайындоо амалы (бул сөз Ысык-Көлдүн белек тукумунан чыккан Боромбай аттуу бийлик ээсинин өзүнө күч топтоо максатында казактардын айбоосун тукумунун төрөсү Тезекке жээни Теретай деген келинди «кыз» деп тартуулаганынан улам калган сөз деп эсептелинет. Бул окуя XIX кылымда болгон имиш); *келинди кызга «айландырып» берген амалды «белек амалы» деп койушат.*

БЕЛЕК II: **ак белек** *өзг.* шап, шапалак; *колунан ак белек алам;* **таш белек** *зам.* сок билек.

БЕЛЕКЕЙ I *түнд.* жапыз, кичине; *бепбелекей бойу бар, жети кават тону бар* (таб. пияз).

БЕЛЕКЕЙ II *пам.* кичине белек; *кичине белекей берип жөнөп кетти.*

БЕЛЕНЧЕК *батк.* асма бешик; *баланы беленчектен чечип эшикке алып чык.*

БЕЛЕҢ: **белең-белең, белең ат** *чүй, терг.* мылтык; *белең-белең, белең ат, бели жоор күрөң ат, такаласа тайваган, тоодон теке койвогон* (таб. мылтык).

БЕЛЕНДЕ *батк.* 1. киленде; *белендеген киши да болот;* 2. *лейл.* мөңкү; *өдөлүшкө кегенде белеңдеп кетет жәнивәр ат.*

БЕЛЕС: **каары белес** *пам.* илгертен бери жол катары колдонулган белес; каары белес; *каары белес менен өттү.*

БЕЛЕСЕК *жжол.* майда-майда дөбөчөлүү кум талаа; *күн батышы токойлуу бийик дөвө, күн чыгышы кумдуу белесек.*

БЕЛЕТ *ыск.* карагай кесүүгө укук алган билет кагазы; *карагайдын белетин алып келип, жоготуп жибердим.*

БЕЛЕТТЕ *ыск.* карагайды уруксатыз кескен адамга штраф салып, билет кесип берүү; *аны айыптап белеттеп койду.*

БЕЛЕТЧИ *ыск.* карагай коруп, белги салып, белет бере турган адам; *белетчинин атын кармап турду.*

БЕЛИҢ *батк.* чочуу; *белиң алып кетет.*

БЕЛИНЧИ *батк.* белимчи; *бетеге кетип бет калат, бетиң курсун деп калат – деп айтты белинчи.*

БЕЛКӘШ *жерг. к.* белчи; *белкәш болуп чытырман* (к.) *ойноп кирди.*

БЕЛМАНТ *жерг., пам.* курдун бир түрү; *белмантыңды берип сен кандай эле әкәңә күйүп кеттиң.*

БЕЛМЕ: **белме-бел** *жерг.* белден алып күрөшүүнүн бир түрү (кээде ал «кыргыз күрөш» деп аталат); *белме-бел кылып күрөштү.*

БЕЛПАРАТ *лейл.* окчонтой; *белпаратын алып жөнөп кетишет.*

БЕЛСӨW *лейл.* көтөрмөгө алынган мал, буюм; *белсөw алсаңар кана? – деп сурайт.*

БЕЛСӨWЛӨ *лейл.* көтөрмө ал; *белсөwлөп жәшәп жүргөн.*

БЕЛЧЕ *батк.* пияз отой турган кичинекей кыргыч сымал калак (түндүк говорлордо ал «калак, отооч», Жети-Өгүз жакта «чанжы» деп да аталат); *белчени эмне кылганын билвейм.*

БЕЛЧЕМДҮҮ *жумг.* мелчемдүү; *белчемдүү жерден кыз алган.*

БЕЛЧИ *жерг.* ийленген ылайды күрөк менен кесип пахсачыга берип турган адам; *белчинин олжосун имне кылавыз.*

БЕЛЧИР *түнд.* 1. жылкынын жон териси; 2. жон териден жасалган кончтуу өтүк; *ай кысталак жонуңдагы белчирин тартып алса болчудай.*

БЕМААЛ *зам., түшт.* 1. учуру жок, убакыт-маалы жок, убактысыз; 2. беймаал, иңир кез; *бемаал алдап кетирип жүгөргөн.*

БЕМААПА *батк.* мерез; *ол тuwганга бемаап болуп чоңойуптур.*

БЕМАРАЛ *түшт.* тынч, жай; *үч*

жыл өткөндөн кийин бемарал той берет.

БЕМӘӘНИ *түшт.* 1. маанисиз; 2. дабасыз; 3. *өтм.* айыкпаган оору, жарат; *онун оwрусу – бемәәни.*

БЕМӘЗӘ I *түшт.* 1. мазасыз, маңызсыз; 2. негизсиз; 3. даамсыз, даамы жок; 4. *өтк.* эчтекеге өтпөгөн, түккө турбаган; 5. *жерг.* жүрүш – турушу начар орой адам; *бемәзә жигит болуптур*; 6. жеген тамак жакпай ооруп калуу; *өрүктү көп жеп бемәзә болдум.*

БЕМӘЗӘ II *жерг., пам., батк.* кездеменин бир түрү (сапаты начар, үлдүрөк кездеме); *илгери бизде бемәзә йәм жок эде.*

БЕМӘЗӘЛ *пам.* шок; *балам, бемәзәл, дашка чыгып өзү ойнойт.*

БЕМӘЗӘЛДИК *пам.* шоктук; *бемәзәлдигиң кой.*

БЕМИЙӘР *батк., өзг.* өтө, абдан; *кийик бемийәр көп экен.*

БЕМИЛДЕТ *батк.* милдетсиз; *бемилдет эле бере койду бечәрә.*

БЕМОР *жерг.* сыркоо; *бемор болсо көрүп чыгалы* (сал. кәсәл, насак).

БЕЙМУЛОВ *жерг.* мурутсуз; *бемуйлов киши сиди издеди.*

БЕМӨРҮТ *пам.* ыңгайсыз; *бемөрүт келип калды.*

БЕМУРАПЫ *пам.* урук – тууган; *кандай бемурапысың?*

БЕН *ичк.* мен; *сен кегенче, бен күтүп турайын.*

БЕНАЗАР *ичк.* кереметтүү; *беназар адам.*

БЕНАМАЗ *түшт. к.* бейнамаз; *бенамаз киши мергенчилик кылат.*

БЕНАРЕС *жжол.* бейкасам сымал ала – була кездеме; *алты кулач бенарес алды.*

БЕНДЕ, МЕНДЕ *ыск., чүй.* пенде; *бенде да, болвосо, жакшылыкты унутавы.*

БЕПАЙАН *жерг., зам., өзг.* 1. пайдасыз; *коровунан бөлүнүп кой кетпесин бепайан*; 2. *өтм.* чексиз; *бепайан чөл*; 3. түбү жок, акыры жок, акыр – аягы жок (сал. таж. бе + поен «үч жак, түп жак, аяк жак»).

БЕПАЙЫМ *зам.* түшүнүгү жок; *товлуктар бепайым келет.*

БЕПАМ *лейл., ноок.* баамы жок; *бепам экенсиң жолуңар болвойт.*

БЕПАРАСАТ *зам.* барасатыз, баамсыз; *колуңарга кондуруп алгыла бепарасат болвой.*

БЕПАРВА *ноок.* капарсыз; *бепарва иш кыла берет.*

БЕПӘЙДӘ *жерг.* пайдасыз; *кывыладан шамал болду бепәйдә.*

БЕПӘРВӘӘ *батк.* капарсыз; *бепәрвәә жүрөт.*

БЕПӘРВӘЙ *пам.* камырабас, кенебес; *әдәм көпкөндө бегам, бепәрвәй болот, балам.*

БЕПӘРЗӘНТ, БЕЙПӘРЗӘНТ *жерг., пам.* баласыз, тукумсуз; *экөw бепәрзәнт, уруша кетет.*

БЕПБЕЛЕКЕЙ *чүй.* кипкичине – кей; *бепбелекей бою бар, жети кабат тону бар* (таб. пияз).

БЕПЕШӘНӘ *пам.* бактысыз, шордуу; *бепешәнә, алдыңдан ак койон чыкса чаппапсың.*

БЕПИЛ *жерг.* жүдөө; *шуру такпай бермет так, бепил кылвай жакшы бак.*

БЕПУЛ *пам.* акчасыз, тыйынсыз; *бепул экенсиң көк койонду кайдан аласың.*

БЕР: берип ир *жжол.* берип кал, жайлап кал; *качкан бугуну берип ириптир.*

БЕРАК *батк.* бержак; *олордун үйү үйдөн берак.*

БЕРАКТА *батк.* бержакта; *бераста туруп жемекчи эдең жедиң деди.*

БЕРӘГИДӘ *батк.* бар жагында; *берәгидә турат.*

БЕРӘӘК *лейл., пам.* берирээк; *берәәк келип койуп жүгөрдү.*

БЕРӘӘКТӘ *пам.* бери жакта; *буйумуң берәәктә турвайвы!*

БЕРВЕЙИМ *жерг.* бербеймин; *бала – белдин куваты, бервейим дейт.*

БЕРГЕК *түшт.* элечекти тартынганда чекеге бастырылган кооздук; *бергеги учуп түштү.*

БЕРГЕЧ *пам.* бергенче; *бергеч барып, алгач кел.*

БЕРГИЛИК I *жерг.* бере турган нерсе; *не, бергилигим барбы, саңа?*

БЕРГИЛИК II *ыск.* берүүчүлүк; *сендей адамга бирдеме бергилик кылбасын.*

БЕРЕГЕЧ *батк.* берээнек; *колдору – берегеч колдор.*

БЕРЕГИДЕ *тыньш.* береки, берки жактагы; *берегиде барсанчы.*

БЕРЕЗИ *пам. к.* бережи; *берези деп барып өзүнүн колу сынды, атынын буту аксап калды.*

БЕРЕЖИ *түшт.* жеңи чыканактан гана өткөрүлүп, бирок өтө кең кылып, жака салынбай, топчу кадалбай, кымбат баалуу товардан жасалган аял кийим (бул кийим халат өндүү болгон да, XIX к. түштүктө кымбат баалануп, тойлордо сарпайыга кошулуп берилген. Өзгөчө кыз узаганда береже берүү милдет болгон); *бережи кийип белсенген;* **куту бережи** *жерг.* аялдар кие турган сырт кийимдин бир түрү.

БЕРЕКЕ *ыск., терг.* Ырыс, Ырысбек, Ырыскан, Ырыскул өндүү аттарды тергөө; *берекем, жалгыз куурай түвүнөн жар салып келейин, эки куурай түвүнөн эт алып келейин дейт.*

БЕРЕН *өзг.* бүркүттүн бир түрү (анын: берметтүү берен, тикендүү берен, кишендүү берен, баш берен деген түрлөрү бар); **берметтүү берен** *чүй, ыск.* тырмагында муунак – муунак шакекчеси бар бүркүттүн бир түрү; *берметтүү берен ошол;* **беш берен** *түнд.* уруунун аты; *беш берендер «кур» десе, айлачылар «чарчы» дейт экен.*

БЕРЕНЕ *чүй.* 1. домбуранын баш жагына туура – туура тагылуучу ноталык кыл; *беренени домбурага тагат* (айрым учурда айрым жерде комузга да тагылат. сал. парда); 2. *кочк.* кооз, көркөм.

БЕРЕНЖИ *өзг. к.* бережи; *беренжиден көйнөгүң.*

БЕРЕЧЕК *ыск.* берешен; *ал жарыктык беречек киши экен го.*

БЕРӘӘГӘН *пам.* берээнек; *берәәгән колум – алааган* (мак.).

БЕРИДЕН *чүй.* башынан; *бериде кабар берген жок.*

БЕРИ *түнд.* пери; *бери, шумкар, ырас, кекиртек деп айтат.*

БЕРИЗАТ *түнд.* перизат; *о, керилген эле беризатсың го.*

БЕРИЗААДА *түнд.* перизаада; *кайран гана беризаада, андай адам болвос.*

БЕРИЛИК *өзг.* бер жактагы көрүнүш; *чокуга барсаң берилик бүт көрүнөт.*

БЕРИМСЕК *түнд.* берсе; *беримсеги беш тай.*

БЕРЕК *лейл.* бек; *жаман жигит белгиси – берек бэйлэвэйт белини.*

БЕРКЕЛЛЕ *пам.* беркелсең, беркелчи; *ава, беркелле* (бери кел эле).

БЕРКТЕН *жерг.* толготуу; *берктенип калыптыр, кирбей эле кой.*

БЕРМЕКЕЙ *ыск.* сураганда бере коюучулук; *бермекейи да бат, алмакейи да бат.*

БЕРСЕНТ *түнд. к.* пәрзәнт; *бул дүйнөдөн берсент көрвөй өттү.*

БЕРТ *жерг., пам.* 1. жыгачка муун салып кесүү; *казыкты бертип;* 2. *пам.* бөлүп кесүү; *гөштү бертип казанга сал.*

БЕРТИК I 1. казыкка жип байлоо үчүн айланта кесилген муун; *казыктын бертигин кәттәрәәк жаса*; 2. *пам.* орнаменттин бир түрү; 3. *пам.* кулжанын жашын аныктоодо анын мүйүзүндөгү тегерек шакекчелерге карата колдонулуучу сөз; *бир бертик эки жашар кулжа; үч бертик төрт жашар кулжа*; 4. бычактын бир түрү; *бертик менен кийик сойдум.*

БЕРТИК II *батк.* мертин (сал. тув. бертик «кол – буттун сынган, чыккан жери»).

БЕРТКИ *суз.* бертик; *белим бертки болуп калыптыр* дейт (берткини ырымдоо үчүн үйдүн ичинен бирөө чоочун жети үйдөн ун сурап келип, ысык нан жасап, белге таңып жаткан. Ун сураган адам тилсиз кайырчыдай чөйчөктү сунуп тура берген. Үйдөн аял киши гана алып чыгып берип, анан узатып жиберген).

БЕРТМЕК *батк.* 1. босого жыгачтын эки учу кире турган оюкча; «*жакшыны жатым деве, жаманды өзүм деве*» (мак.), *бертмегиңди ойо бер*; 2. *лейл., өзг.* килем токмоктун учундагы жана гөлдөлөндөгү эриштер түшө турган кичинекей салаа – салаа кемтиктер; *бермектерин тазалагыла.*

БЕСААТ *түшт.* 1. убактысыз, учурсуз; 2. саатсыз, сааты жок; 3. *өтм.* орунсуз иштелген иш; *бесаат болсо «жаманга эс айткыча, камчы менен беш тарт»* (мак.) *дегендей кыл.*

БЕСАВАТ *түшт.* сабатсыз; *мени бесават девегин, эрмегим секет тавамын.*

БЕСАВЫР *зам.* сабырсыз; *элесиң бар өзүң жок, бесавыр болдум.*

БЕСЕЙ *ыск.* өсүмдүктүн аты (дунган эли өстүрөт); *бесей тапсаңчы лагман жасасың.*

БЕСЕЛ *өзг.* жоро сөз, тамаша сөз, азил сөз; *бектер менен жүрүшкөн, бесел айтып күлүшкөн.*

БЕСЕРЕК *батк.* чыдамсыз; *балалык – паашалык, карылык – катыгылык* (мак.) *деп бесерек айтып жүтөрдү.*

БЕСОЛОКУ *пам.* ийкемсиз; *әйәлдин бесолокусу казан – айакты да кармай алвайт.*

БЕСПЕЛДЕК *чүй, жумг.* безбелдек; *кырк кыйын тоодак, отуз орто тоодак, беш беспелдек, жаңгыз жапайы тоодак* (таб. чилде, орозо, беш убак намаз, бир жыл).

БЕТ АЧАР *түнд.* 1. келин келгенден төрт – беш күн өткөндөн кийин жаш келинди кайнене, кайнатанын алдында бетин ачуу жөрөлгөсү (буга чейин келин бетин ачпаган болот. Адегенде кайната, кайненeнин алдына келип бет ачардан мурда жүгүнүп кирет, отко, очокко сыйынып май таштайт. Анан күйөөнүн бир жолдошу чыбык же тал менен келиндин бетиндеги бүркөнчөктү улам ырдап улам жогурулатып ачып, ачкан сайын жүгүнтүп, аягында жигит келинге кары сөздөн айтып, анан токтойт. Кайнене, кайната келинди алкайт да, ага белек арнайт. Калган ага – туугандар да мал же белек энчилейт. Жигитке да сый көрсөтүлөт. Бул жөрөлгө казак элинде да «бет ашар» деп аталат. Азыр бул жөрөлгө жокко эсе болуп кетти); 2. *тал.* келин адеп келгенде айыл – ападагырларга кичине той берүү салты; *бет ачар той берет;* **бет ачуw** *зам.* келин келгенде ыр ырдап бетин ачуу жөрөлгөсү; *бет ачуwга барайын;* **бет бол** *жжол.* жолук; *айланып кайра бет болосуңар;* **бетинен бузулгур!** *жжол.* бетиң күйгүр (каргоо); **бети калды** *түнд.* картадагы беш тартмай

оюнунун бир түрү (мында каратаны тарткан кезде бетин калтырып, кийинки бешөөнү тартып алып ойной берет); *бети калдыдан сени койбойм;* **бет келди** *түнд.* бет алган жак; *бет келди жүрө берди;* **бетке токтото алвайт** ◊ *батк.* эсине (мээсине, башына) сактап кала албайт; **апай бет** *чүй.* тоонун төмөнтөн жогору жантайыбыраак бийиктеген бети; *тээтиги апай беттин этегинде;* **чаар бет** *жерг.* 1. бетин сепкил баскан адам; 2. *өтм.* урушчаак адам; *«ойдун–түвү, сөздүн чеги жок» деп койот, өзү чаар бет;* 3. *түнд.* чечек оорусунан кийин бети чаар болуп калган адам; *ок, чаар бет, түгөнгүр.*

БЕТӘӘМСИЗ *ичк.* даамсыз, даамы жок; *жасаган овкатың бетәәмсиз.*

БЕТӘӘСИР *ноок.* чийинден чыккан тартипсиз; *бетәәсир бала кечигип алыс кеткен го.*

БЕТӘМИЗ *лейл., жерг., батк.* уятсыз, уяты жок; *бетәмиз болвой жакшы жигит болчу.*

БЕТӘП *жерг.* алсыз, тапсыз; *бу киши бүгүн өтө бетәп болуп калыптыр.*

БЕТЕГЕ *зам.* денеңин ар кайсы жери сары суулап, курсак шишип, өң саргайып кете турган оорунун аты; *бетеге болуп ожрува;* **ирик бетеге** *батк.* бетегенин бир түрү; *ирик бетегени мал жейт;* **мәйин бетеге** *батк.* бетегенин бир түрү; *мәйин бетеге бар* (кээде «кой бетеге» деп аталат).

БЕТКАНА *зам.* бетиңен ий; *эндик, упа жарашкан бетканаңнан ак сужсар.*

БЕТОПУК *лейл.* бейбаш; *бетопук эки бала бар.*

БЕТПЕШӘНӘ *пам.* жылдызы жок өңү суук адам; *әйәли бетпешәнә эле неме экен.*

БЕТТИК *батк.* 1. бут кийимдин башына тигилүүчү булгаары; *өтүгүнүн беттигин сыйыртып алды;* 2. *өзг.* бетке жамынып жүрүүчү шуру – мончоктуу кооздук; *беттигим бермет болгон дейт.*

БЕТТИКТЕ *батк.* бут кийимдин башын тигүү; *апамдын мәстисин беттиктетип келдим.*

БЕУСУЛ *лейл.* сынсыз; *беусул эле адам.*

БЕУШ *зам.* эси ооп, танып калгандык; *баласын көргөндө беуш болуп калды.*

БЕФАРМАН *жерг.* буйруксуз; *худайдан бефармана суж ичәлвәйсиң.*

БЕХАЙА *зам.* уятсыз; *бехайа, сен качан кызыл гүл эдең бактагы?*

БЕХИ *суз.* бихи; *бизде бехи алма деген болот.*

БЕХУШ *жерг.* 1. эстен танган адам; 2. унутчаак; *ол дарахтан жыгылып бехуш болду;* 3. тынч, жай; *бехуш жатканда келди.*

БЕХҮДӨ *пам.* маанисиз; *бехүдө сүйлөгөн неме экен.*

БЕПАРА *баткч.* бечара; *бепара карып дыйкандын пешенеси жаркырайт.*

БЕЧӘКӘС *жерг.* митаамдыгы, куулугу жок; *бечәкәс иш кылвайт.*

БЕЧӘКИ *өзг.* натуура; *бечәки сүйлөвөй жүр.*

БЕЧӘРӘ *түшт.* бечара, байкуш; *бечәрә энемдин чачы агара түшкөн.*

БЕЧЕК *түшт.* өсүмдүктүн аты; *отундун жаманы – бечек, оорунун аты – чечек* (мак.).

БЕЧЕН *жерг., батк., лейл.* абдан; *гүлдөр бечен көп экен.*

БЕЧКЕК I *өзг.* белек; *күмүштөн шуру бечкек бер.*

БЕЧКЕК II: **бечкек карма** *тал.* бекем карма; *бечкек кармап түйүп ал.*

БЕЧЫРАЙ *лейл.* серт, өнсүз, өңү суук; *бечырай кыздарды жолуктурдум.*

БЕШ I *тал.* сокмо тамдын улам бир сыйра согулушундагы ирет, экинчи бешивиз ортолоп барганда жырылып калды.

БЕШ II: **беш кетти** *батк.* жолу болуу, иш онунан чыгуу; *Сейит–Мурат бу жерден беш кетти;* **беш койуу** *жжол.* «*чаканбеш*» *ойнунда катар тигилген чакандын өзүнө тийиштүүсүн атуу*; **беш кошкон** *өзг., карс.* ар кошкон; *беш кошкон эл экен;* **беш кыркты** *пам.* жылкынын куйругунун беш катар болуп кыркылышы; *кара боз атты карматып беш кыркты кыл куйругун;* **беш өргөн** *ыск.* камчынын бир түрү; *беш өргөн камчың белен эле;* **беш тартмай** *түнд.* карта ойнунун бир түрү; *кел, беш тартмай ойноп жиберели.*

БЕШАЙВАН *түшт.* кире бериш же айбанчасы бар үй (мындай үйлөр түштүктө жана Чүй тарапта жолугат); *бешайван, кош сынч, жеке сынч деген үйлөр бар.*

БЕШАЛА *жерг.* бешөө; *беш кашка кой, беш башка кой, бешаласы кунан кой, бешаласы дөнөн кой.*

БЕШӘМӘК *өзг.* төрт – беш жөөктүн башын бириктирген арыкча; *бешәмәктәргә суу бер.*

БЕШБЕЛ *чүй.* сырт кийимге (кемсал, бешмантка) бейрөк жагынан бир карыштай туура оюп кесип, кайра салынган кооздук; *беш–бел салган кемсал.*

БЕШЕЙ *түнд.* уруунун аты; *бешейге барсаң аш бергин дейт.*

БЕШЕК *зам.* шексиз; *бегүмән бешек бай болгон.*

БЕШЕМЕК *зам.* шексиз; *бегүмөн бешек бай болгон.*

БЕШЕМЕК *суз.* беш – бештен бооланып жыйылган чөп, эгиндин тобу; *бешемектин тәгигә жаткырып кой.*

БЕШЕМИК *өзг. к.* бешемек; *бешемик кылып бүттүңбү.*

БЕШЕМИКТЕ *өзг.* «бешемик» кылып чөп чөмөлөө; *чөптү бешемиктеп кой.*

БЕШЕН: **бешен ат** *зам.* бир асыйга толгон жылкы; *бешен ат минген шаарга.*

БЕШЕП *жжол.* заара; *бешеп кылганы нарак басып кетет.*

БЕШИК: **бешиктен бекишүw** *пам.* бешик куда; *бешиктен бекишүw салты болгон;* **бешик кетти** *батк., этн.* балдар бешиктеги кезиде эле кудалап коюу жөрөлгөсү; *бешик кетти кылып койушкан;* **жел бешик** *өзг., жерг.* эки кабат жипти эки башынан кроватка же жыгычка байлап, ортосунан жыгач менен керип, төшөк салып жасалган бешикче; *жел бешикти ыргап кой.*

БЕШИЛИК *ичк., түшт., тал.* 1. төрт – беш ачалуу айры; *төрт–беш шиши болсо, бешилик дейт;* 2. *пам.* оң, сол тарабы тырмактын тиши сыяктаган, үстү жана асты чамгарак мүйүз сыяктаган көчөт, сайманын аты; *бешилик салып түрдөгүн.*

БЕШИМ *лейл.* илгерки кичинекей уруунун аты; *Чимгенде бешим тову жәшәйт, бир биргәт журт.*

БЕШКАЛ *жжол.* илгерки уруунун аты; *барган жери бешкал деген уруw эле.*

БЕШКУМПАЙ *пам.* көчөт, оймонун бир түрү; *күмүш жапкан бешкумпайдын оймосуна.*

БЕШЛИ *лейл, зам.* асый жылкы; *жылкы төрттөн бешке чыкса бешили дейт.*

БЕШМАНТ I *түнд.* кыска этек кийимдин аты; *белимдеги бешмантым, беш эшикке ташкентим* (сал. мүрсөк).

БЕШМАНТ II *жерг.* курдун бир түрү; *бешмантын белине курчанды.*

БЕШМӘНТ *лейл.* чекеге тагыла турган күмүш шуру; *чекесиге башмәнт тагып жүргөн эде.*

БЕШӨW *тал., ичк.* бешөө; *бешөw тең жакшы–жаман көп уксаң акылың менен кечиргин деди.*

БЕШӨӨДӨЙУ *ыск, чүй.* бешөө; *келген–меймандардын бешөөдөйү – орус* (жамдама сан атоочтордо кийин салыштырма – дай, таандык – ы мүчөлөрүнүн жалганышы башка говорлорго өтө мүнөздүү эмес).

БЕШӨӨЛӨП *ыск.* беш киши биригип; *бешөөлөп жатып алдыңар, ал келбей койду го* (сал. тув. бежелээ/н/ «бешөөлөп»).

БЕШТӘ *жерг.* бешөө; *бештә савызган, бештә савызгандын мурдуга курт жавышкан* (таб. беш салаанын тырмагы).

БЕШТЕЙЛЕ *тал.* беш чакты; *бештейлеген койун айадап жөнөдү.*

БЕШТЕН: **бештен белгилүү** *түнд.* айдан ачык; *Алексейдин бул мүнөзү бизге бештен белгилүү.*

БЕХӘВӘН *жерг.* селсаяк; *бехәвән богондон кийин өзвашча жүрөверет та.*

БЕЦӘРӘ *баткч.* бечара; *жетим–жесир бецәрә.*

БЭЭ: **бээ гарта** *тяньш.* сорпого бышырылган камыр; *бээ гартадан жейли* (камыр жазыланып кесилет да, кайра бүктөлүп, казанга салынат, анан эт менен кошо тууралат, же тууралбай да желет. Ал кээ бир жерде, мисалы, Ысык – Көлдө «жупка» деп аталат); **ана бээ** *ыск.* карыган, сары жатын бээ; **кээр бээ** *лейл.* кер сары бээ; **тайлуw бээ** *пам., этн.* бир чоң, бир качине аяк менен удаа тынбай кымыз ичүү адаты; *тайлуw бээни азыр аз ичет.*

БЭЭК *жжол.* бул жак, быйак; *бээкке айланып келвес болду.*

БЭЭШ *баткч.* беш; *бээш жоwлук сатып алдым.*

БИ: **би алма** *батк.* бихи; *би алма жеп «ысык ичет, муздак кусат» деген тавышмак айтты* (таб. меш).

БИГИ *өзг. к.* бихи.

БИГИЗ *жерг., зам.* шивеге; *бигиз бийди тургузат* (мак.); **керки бигиз** *жерг.* шибегенин бир түрү; *керки бигизди таштап «бир котур атан, бир колтук отун артам»* (жанылмач) *деп он жолу айт деди;* **кындуw бигиз** *жерг.* кынга салып жүрүү үчүн атайын жасалган шибеге; *айланайын айдайым, алты карын майдайым, кындуw бегизиң сактай көр.*

БИЖЕР *ыск.* бул жер; *бижерге бир жыл кыштадым.*

БИЖИ I *жерг.* 1. баланын чачы түшүп ооруй турган оорунун аты; баланын башы бижи болуптур (баланын башы бижи болгондо быжы жасап, башка тегерете айландырып, анын ар кайсы жеринен тилип, ырым кылуу жөрөлгөсү); 2. *зам.* ырымдап алынган карын чач; *айланайын, бижи чачын алалычы;* **бижисин ке** *зам.* карын чачын ал.

БИЖИ II *жерг.* быжы тамак; *бижи жеп «от жакалай тай талпак, тайтайта силккен эр тайтак»* (жанылмач) *деди.*

БИЖИЛ *жерг.* чүкө; *бижил ойнойвуз.*

БИЖИМ *жерг. к.* бижил; *бижим талаша кетти.*

БИЖИН *жерг.* чүкө.

БИЖИҢ *жерг.* жижиң; *бижиң келатат.*

БИЗИЛИК *батк., жерг.* 1. биз тууган; *бизилик–сизилик деп жүрсө бовойву;* 2. *пам.* чикит ойну биз жакта, биз тарапта деген маанидеги сөз; *чикилдәкти чаварда бизилик же сизилик деп баштайт;* 3. *к.* бизиң.

БИЗИНДЕЙ *ичк.* бизидей; *бизиндей күйгөн нечен бар.*

БИИР *баткч.* бир; *асман–жерге ырыскы чачылагнын биир көрдүк.*

БИЙ I: **бий алма** *батк.* бихи; *бий алманын бүрдөгөнүн бир көрчү;* **күзгү бийи** *батк.* кеч күздө бышуучу, чоң – чоң келген, көпкө сакталуучу сорту; *тогуз тавака күзгү бийи сактадым;* **нан бийи** *батк.* анчалык суулу эмес, башкаларга караганда эртерээк бышуучу салмагы жеңил келген сорту; *нан бийивиз кәмсуw калганы жакшы гүлдөдү;* **сагыз бийи** *батк.* суулуураак, көбүнчө пловго салынат, жегиликтүү болот; *сагыз бийиден алып ке ашка басалы;* **суу бийи** *батк.* түшүмдү көп берген, өтө суулуу, кыйгыл даамы бар, саргыч түстөгү бийинин түрү; *районго барсаң жолдон суу бийи ала келгин;* **бий алмазар** *ар.* бихи көп өскөн алма бак; *бий алмазарга кирип чык.*

БИЙ II: **бийдин башын көм** *жерг.* жер айдалып, малалангандан кийин айдоого казык кагып, ага баш сөөктү илип коюу салты; *эгин айдалганда бийдин башын көм дешет.*

БИЙ III: **бий–бий** *суз.* сырдык сөз (ички кубануу сезимин билдире турган сөз); *черүүгө бардым бий–бий.*

БИЙ IV: **арабча бий** *жерг.* бийдин бир түрү; *арабча бий ойнойттор;* **белек бийи** *жерг.* бийдин бир түрү; *барсаң барчы, белек бийин ойночу;* **гүлдәр бийи** *жерг.* бийдин бир түрү; **калмак бий** *ыск.* бийдин бир түрү; *калмак бийдин күүсү, бийле, балам;* ошол бийди коштогон күүнүн аты (бул бий жана күү калмак элинен оогон деп эсептелинет).

БИЙАЗ, МИЙАЗ, БЫЙАЗ, МЫЙАЗ *түнд.* пияз; *бийаздын: тоголок баш бийаз, сун бийаз деген түрү бар.*

БИЙАЛА *чүй.* пияла; *түтүн чыгарып от жакпай, чай кайнатып бийалага куйду.*

БИЙАЛАЙ *сок.* чыны; *ысык бийалайды кармап алды.*

БИЙАРМАН *жерг.* бийлик кылуучу киши, эрке киши; *байармандан.*

БИЙӘВӘН *ичк.* чөл; *пам.* **дәш бийәвән, бийәвән дәш** эрме чөл; *бир дәш бийәвәнга келишти; лейл.* **кәттә бийәвән** учу – кыйры жок ээн талаа; *бир кәттә бийәвәндә кудук бар экен;* **чөл бийәвән** *пам.* ээн талаа; *чөл бийәвәнгә түшпөгүн деди.*

БИЙӘН *жерг. жоош,* момун; *койондон бийән койчуңдан жеңе.*

БИЙБАА *тал., атб.* кийиз өтүк; *бийбаа чокойуна мактагансыйт.*

БИЙВА *тал. к.* бийбаа; *бийвасы бар.*

БИЙВА ЧОКОЙ *атб. к.* бийбаа; *бийва чокой сатыптыр* (кээде ал «орус чокой» деп да аталат).

БИЙЕ *лейл., зам., чатк., тал.* бээ; *жалгыз бийе жалкың бар.*

БИЙЕК *батк., тал., суз.* бул жак; *бийекте «Боз жигит менен Жамал», «Шанша менен Шамшы», «Кенжевек сулуу менен Энкакарач» деген ырлар ырдалган* (чоң көлөмдүү элдик поэмалар).

БИЙЕКЕ *батк.* жүгөрүнүн бир сорту; *бийеке, ганек, шәкәрәп дейвиз.*

БИЙЕКТЕ *түшт.* быякта; *сен да бийекте белең.*

БИЙЕН *жжол.* бул чен; *бийенде жарамазан айткан менен ким тойуптур.*

БИЙЕР *түшт. к.* бийек; *бийерге качан келдиң?*

БИЙЕРЛИК *түшт.* бул жердик; *өзү бийерлик.*

БИЙЕТ *суз.* бул жер; *жеңеми бийеттен көргөм.*

БИЙЕТТЕ *батк.* быякта; *ручкаң бийетте турган тура.*

БИЙИ *батк., лейл., жерг., өзг.* жемиш өсүмдүгүнүн бир түрү; *бийим түгү түшкөндө пышат* (Баткен, Лейлек тарапта бийи бир нече түрлөргө бөлүнөт); **чөп бийи** *кеч күздө*

быша турган катуу бийи (чөп тажикче жыгач деген мааниде); *чөп бийини үзүп үйгө илип койдук;* **кува чоң бийи** *батк.* өңү сыргыч, кабыгы жука, жылмакай, даамы татту бихинин сорту (бул бихи 7м. чейин бийиктикке өсүп 6 – 7 жылда мөмө берет. «Кува» деген сөз Өзбекстандагы жердин атынан алынган); **нан бийи** *батк.* мөмөсү алмага окшош, өңү саргыч, даамдуу бихинин сорту; **нардан бийи** *батк.* ак саргыч, лимон даамдуу, кеч күздө быша турган бихи; **нәк бийи** *батк.* бихи жемиш өсүмдүгүнүн бир түрү; *нәк бийиден үч–төртөөүн тазала;* **палла бийи** мөмөсү жумшак, кеч күздө быша турган бийи (жергиликтүү эл аны дары катары пайдаланышат); *бир палла бийи берди;* **садовой бийи** батк. бихинин бир түрү (өңү сары, чоң, салмагы кээде 800 граммга жетүүчү, кеч күздө бышуучу бихи); *садовой бийиңиздин киләси канча?;* **таш бийи** эң кеч быша турган бийи (мунун кабыгы көгүш, эти катуу, салмагы 200 – 300 гр. чейин жетет; көбүнчө палоого кошулат); *таш бийиден тазала;* **хорәзим бийи** *батк.* өңү агыш, мөмөсү чоң – чоң, бир аз таттуу бихинин сорту («хорәзим» деген сөз Өзбекстандагы жердин атынан алынган); **ширин бийи** *батк.* эти жумшак, калың, түктүү бихи (сорт); *ширин бийи эрте бышат.*

БИЙИЗӘР *батк.* бихи көп өскөн жер; *бийизәргә кирип кетти.*

БИЙКЕ: **татты бийке** *лейл.* 1. кызыктуу, сүйкүмдүү бийкеч; 2. *терг.* жүзүмдүн мөмөсү; *кызынын аты татты бийке, атасынын аты бай бүкүрү, энесинин аты жайма челек* (таб. жүзүмдүн мөмөсү, сабагы, жалбырагы).

БИЙЛА *чүй.* чыны; **чай бийла** *чүй.* кичине чыны; **чоң бийла** *чүй.* бадывот.

БИЙЛИК *түшт.* Кокон хандыгынын тушунда жергиликтүү бий – бектердин казынасына жыйналган алык – салыктын бир түрү; *алтындан кисе байланып, ай тийген тоону айланып, бийлигиңди төлөдүң.*

БИЙМА *ыск.* кийиз өтүк, пима; *биймаңды жайып койсоң, боло, эртеңке чейин кургап калсын.*

БИЙРӘ *түшт.* майда тармал; *тигинин чәчи бирә турвайвы?*

БИЙТ: **бийт–бийт** *өзг.* 1. сырдык сөз (индюкту жемге чакырууда колдонулат); 2. *түнд.* адамды кытыгылоодо айтыла турган сөз; *мында сирке, мында бит бийт–бийт.*

БИЙТИНА *тяньш.* күрмөнүн ички бооруна салынган бөйрөмчө; *биймина салып койдум.*

БИКЕ *жерг.* бекен; *сагындың бике сен мени?*

БИКЕН *жерг.* бекен; *өкөөүздүн ортовуз зындан бикен?*

БИККЕ *жерг.* бир аз, бир тике; *бикке дәм алайын, жүдө аарыдым* (к.).

БИЛВЕСЕМ *батк.* 1. таң; 2. билбейм; 3. ким билет (көбүнчө диалогдук речте колдонулат); *сабагын окуп бүтүптүрбү? – билвесем; кой алыптырбы? – билвесем.*

БИЛГИЛИК I *ыск., тяньш.* билип койгондук; *булар билгилик кылбасын.*

БИЛГИЛИК II *жерг.* билгендик; *көп билгилик кылва.*

БИЛГИЛИКТҮҮЛҮК *түшт.* билгичтик, акылмандык; *билгиликтүүлүгү кесип түштү.*

БИЛГИРЛИК *жжол.* билгичтик; *таза көйнөк ак бетине жарашкан кыздардын билгирлигин көрвөйсүңбү?*

БИЛДИМИШ *пам.* бир нерсени биле койгуч, айтып бергич; *менин койнумда билдимишим бар.*

БИЛДИР *түнд.* уруунун аты; *тиги билдирден чыккан бугалтыр бала кайда?*

БИЛЕ *зам.* чогуу, бирге; *гэш бышканда бардыгын биле алат* (сал. тув. биле).

БИЛЕ *лейл.* бүлө, кайра; *тилди тилге билейлик, тишти тишке кайрайлык.*

БИЛЕГЕЧ *батк.* билээнек; *онун ушлу билегеч.*

БИЛЕЗДИК *өзг., лейл.* билерик; *келиндер билездик салынат.*

БИЛЕЗИК *батк.* билерик; (сал. тув. билзек «билерик»); *әй–әй билезек, әй–әй.*

БИЛЕК *жерг.* 1. жумуш иштөөгө жараган киши; *сени үйүңдөн төрт билек иштейт;* 2. кол арага жараган тестир бала; *бириң – билек, экиң – эмгек, үчүң – үшкү, төртүң – төшөк, бешиң – бешик, алтың – ашык, жетиң – жемиш, сегизиң – серке, тогузуң – торпок, онуң – оймок, он бириң — кара жомок* (1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11 деген табышмактын каламбур түрүндөгү жообу); 3. адам, киши; *жалгыз билек бирди жыгат, жалпы билек миңди жыгат* (мак.); 4. *түнд.* ышкындын солкулдак сабагы; *ышкындын билегиндей солкулдайт;* 5. *чүй.* картошканын сабагы; *картөшкөнүн билегин уйга салсам жээр бекен?;* **билек салынып күрөшсүн** өзг. күч сынашсын; **ай билек** *пам.* чикит ойнунда балакайын билектин үстүнө коюп чабуу фазасы; *ойун баш, ит сийди, сушсушруп алды, көтөн, бел, кол айландырмай, каары деп көпкө ажыратып чабат;* 2. билектин жоон жери; *ай билектен ал;* **ак билек** *жжол.* 1. ышкын, чүкүрүнүн жерге көмүлгөн түп жагы; *чүкүрүнү жеп, ак билегин калтыр;* 2. *жжол.* колу толмоч, ак келген адам; 3. жаш келин, бойго жеткен кыз; *ак билек, тамандырыкты баспа;* 4. *түнд.* шырдактын четине салынуучу ак – кара аралашкан түр; *шырдактын эки жагына ак билек салат;* **сок билек** *өзг.* 1. соку билек; сок билек; *сок билек менен пахыр көрүнбөйт;* 2. *лейл.* төөментек алуу ойнунун бир фазасы; *сок билек алса болову!;* **соку билек** *пам.* хан вазир ойнунда жеңилген баланын төбөсүнө женди түрүп, чыканакты коюп, анан шак эттире тартып алып, муштум менен коюп жиберүү жазасы; *муштум менен соку билек алат;* **ышкын билек** *ал.* ышкындын солкулдак сабагы; *ышкын билек жедик.*

БИЛЕЛЕС *өзг.* жакшына, татына; *кызыл кийик билелес.*

БИЛЕЛИК *чатк., өзг., ккырг., жжол., тал.* билерик; *апамдын колундагы билелик жакшынакай экен.*

БИЛЕН *чүй.* сөз ойнунда «сөөмөй» деген атты жашыруу үчүн колдонула турган сөз (*к.* бир II).

БИЛЕРИК: **ачык билерик** *пам.* билектен ачып чыгарып алууга ылайыкталып жасалган кооз күмүш билериктин бир түрү; *ачык билерик алып бериң;* **бурма билерик** *түшт.* күмүштөн боосу буралып жасалган билерик (билериктин бул түрү эски, байыркы деп эсептелет); **жалпак билерик** *түнд.* таманы жалпак, жазы жасалган билерик; **кулптама билерик** *пам.* бекитип коймо кылып жасалган күмүш кооз билерик; **сокмо билерик** *түшт. жылма, тоголок, орнаменти жөнөкөй келген билерик* (бул билериктер эски, байыркы деп эсептелинет, анткени археологиялык изилдөөлөрдө көрлөрдөн көп табылган); *ай жарык, жер тегиз, колунда сокмо билерик.*

БИЛЕРДИК *батк. к.* билерик; *ойумда жүргөн келинге билердик алып беремин.*

БИЛЕРЗИК *өзг., жжол., зам., суз.* билерик; *колуңда кошкон билерзик бар* (сал. билезик, тат, белезек, ног, кум, ккалп. каз. билезик).

БИЛЕРИЗИК *өзг. к.* билерзик.

БИЛЕРИК *түшт.* тиллә билерик алтындалган билерик.

БИЛЕРИКТҮҮ *ыск.* туягында тегерек агы же карасы бар жылкы; *билериктүү жылкы экен от болуп ойноп турат.*

БИЛЕСЕЛҮW *пам., жерг.* 1. билимдүү; *билеги жогон бирди жыгат, билеселүw миңди жыгат* (мак.); 2. *өзг.* барды – келдини жакшы билген, меймандос адам; *билеселүw дегенден кайрылбамын өзүңө.*

БИЛЭЭГЕН *пам.* билээнек; *билээген адам айттырбай сезет.*

БИЛЭЭРИК *пам. к.* билерик; *билээрик салсам колуңа, айланса жолум оңуна.*

БИЛИЗИН: **билизин май** *лейл.* керосин (илгери бутылкага темир калпакча кийгизип, чырак жасап, керосин куюшчу, аны чырак май же билизин май дешкен).

БИЛИК *ыск., жжол.* 1. пилик; *чырактын билиги күйүп калыптыр*; 2. *тал.* жуурканды жээгин бастырган кыюу милте; *төшөктүн жээгине билек бастырат;* **ак билик** *тал. к.* агатек; *аны бизде ак билик дейт;* **үч билик** *кочк.* керосинка; *үч билиги бар бекен?*

БИЛЛӘЗИМ *зам.* сырдык сөз (каргаганда кудай урсун деген мааниде айтылат); *жалган болсо билләзим.*

БИЛЛЕШ *батк.* биргелеш; *экөwү биллешип алып иш кылат.*

БИЛҮҮЛҮ *зам.* белгилүү; *Керегеде илүүлү, асыл кызга билүүлү* (таб. кайчы).

БИНӘ, МИНӘ *жерг., батк., зам.* 1. адеп жаралган, биринчи пайда болгон; *ата жок бала бинә болмок беле?*; 2. даяр болуу; *оокат бинә боп калды* («бинә» деген сөз өз алдынча колдонбойт, «кал, бол, кел» деген сөздөр менен гана тутумдашып учурайт); 3. бир үй – бүлө; *бир бинәнин аксакалы;* **о, бинәгә келвей өл!** жерге кир, жогол; **бинәсини койгон** чын ыкласын койгон.

БИНӘТ: **өмүр бинәт** *батк.* өмүр бою; *шундай турмушту өмүр бинәт көргөн эмес.*

БИНЖЕК *атб., ыск.* ҕиңжак; *күн жылуу бинжекчен эле баралы.*

БИНИ: **бини кош** *жерг.* моюнтурукка салынуучу жыгач; *бини кошу болвосо өгүздөрдү кандай кошосуң.*

БИР I *түшт.* өсүмдүктүн аты (кайсы бир жерде бул өсүмдүк дары катары пайдаланылат); *бир деген чөп дары экен.*

БИР II *чүй.* бармак (сөз ойну); *бир* (бармак), *билен* (сөөмөй), *элен* (ортон), *этис* (аты жок), *отус* (чыпалак).

БИР III: **бир ал** *жерг. к.* бир алда; *элде жок бир ал;* **бир алда** *өзг.* 1. ооруп начар абалда болуу; *өтө бир алда болуп жатат*; 2. өңдөн азуу; *ооруп өңү алда болду*; 3. чачылып – чарпылып начар көрүнүштө болуу; *энди бечәрәнин үйүнү көрсөң бир алда;* **бир алдын** *суз.* 1. адегенде; *бир алдын Садыктын ызасы келе түштү*; 2. *түшт.* бир сапар; бир саам; *бир алдын кызуулук кылып жатавы деп ойлоду;* **бир ар** *жерг.* кээ бир; *бир ар киши мен әм барам дей береттер;* **бирме бир** *батк.* бирдей, тепетең; *бирме бир әйәл – эркек отурат;* **бир эривейвисиң?** *жерг.* бир нерсе уюштуруп тамак даярдабайсыңбы.

БИР IV *ичк.* күчөтмө сөз; *күнү бир күнү келгенде, бежәй бир турат кусасы; биз хәм бир көчтүк бир сайга ж.б.* (бул сөз өзгөчө Жерге – Тал, Памир, Замин жакта 7 – 8 муундан турган ашыктык сүйүү ырларында көп жолугат).

БИРАК *ичк.* бирок; *бирак аталвай калдым.*

БИРӘӘЗГИ *ноок.* айрым; *бирәәзгиңәрди гана әйттим.*

БИРӘӘЛГИ *лейл. к.* бирәәрги.

БИРӘӘН *лейл. к.* бирәәр; *бирәән ай иштеп турсаңар.*

БИРӘӘНТӘ *лейл.* бирөө, бирди жарым; *бирәәнтә барвы?*

БИРӘӘР *өзг., суз.* кээ бир, кайсы бир; **бирәәр гүнү –** кээде; *бирәәр гүнү үйгө отурвайм.*

БИРӘӘРИ *өзг., суз., жерг.* кээ бирөө, кай бирөө, айрым бирөө, бир даары; *кәртүшкөнүн бирәәри чирип калыптыр.*

БИРӘӘРКИ *суз. к.* бирәәр; *бирәәрки кишилер өз ойун тез айтат.*

БИРӘМ *лейл.* өтө, абдан; *бирәм каттык экен.*

БИРӘН *батк.* укмуш, эң, абдан; *бирән кызык.*

БИРӘРГИСИ *жерг.* кээ бирөө; *бирәргиси май куйвай ичеттер.*

БИРӘРДӘ *суз., өзг., жерг.* кээ бирде, кээде, кай бир убакта, кайсы бир учурда; *бирәрдә ондой да болвойт.*

БИРБИР *пам.* кээде; *гулбийәвән бирбир көзгө көрүнөт.*

БИРГАЗАН: **кызыл биргазан, тармал биргазан** *түнд.* биргазандын түрлөрү.

БИРГАНА *жерг.* асылкеч, кадыркеч; *кызгалдактай бирганам.*

БИРГӘӘР *лейл. к.* бирәәр; *биргәәр – биргәәр лапазым сөксөөүлдүн чогундай.*

БИРГӘӘРДӘ *ноок.* кээ – кээде.

БИРДЕКИ *алб.* бир да жолду; *бул айылга бирдеки келвепмин.*

БИРДЕКИДЕ *чүй.* теги эле; *бирдекиде иши болвойт.*

БИРЗИН I *түшт. к.* биризин; *бирзин тап.*

БИРИЗИН II *түшт.* брезент; *биризин чатырда койчу турат.*

БИРИЗИН *пам.* бензин; *бир литр биризин.*

БИРИНЦИ *баткч.* биринчи; *Кашкардан биринци Бәйистәнгә* (Гиссәргә) *келет.*

БИРИЧКЕ *ыск.* бричка (орус тилинен); *биричке кошуп чыгышты.*

БИРКЕ *пам.* биртике, бир аз; *чандырыңдан бирке бер, чагырымды жөөлайын* (к. жөөла).

БИРКИ: **кәә бирки** *жжол.* кээ бирөө; *кээ биркилери түшүнбөйт.*

БИРКООМ *чүй.* бир маал, бир учур; *биркоомдо дөңдөн, жардын башынан үн угулду.*

БИРКУН *түшт.* ардайым бир калыпта жүрүү, бир калыпта кыймыл жасоо; иштөө; *биркунда жүргөн киши;* **биркунунда турваган** ◊ *жжол.* ойку – кайкы адам.

БИРЛЕ *батк., суз.* бирге, биргелеп; *бирле барып келели.*

БИРЛИ *чүй.* бирди; **бирли–жарым** *чүй.* бирди – жарым; *бирли–жарымына токтоло кетет.*

БИРЛИК *атб.* чакмак таш ойнунда таштарды бирден терип алуу фазасы.

БИРОВДӘР *жерг.* коңшу дос; *бировдәр экен, өздөрү билет.*

БИРОВДӘРЛИК *жерг.* достук, ашыналык; *бировдәрликтән әйтип отурам.*

БИРСАЛЫМ *тал.* өсүмдүктүн аты (өңү бозомук отоо чөп. Жергиликтүү эл бул чөптү шишикти таратыш үчүн дары катары колдонот).

БИРТӘ *өзг.* биттә *суз., ош.* ж.б. бирөө *түнд.*; *мәгәзиндән биртә кәләвәт сатып алды.*

БИРТЕ *жерг. к.* биртике; *бирте–бирте билгендери бар.*

БИРТИКЕ *чүй, түшт.* бир аз; *биртике көңүлүң сергек болот.*

БИСПИЛДИРИК *чүй.* жылжытып куйтулук менен сөз таштагандык; *биспилдирик аттырып кетти.*

БИСТӨШКӨ *тал.* семичке; *биздин чарбака көп бистөшкө чыгып калыптыр го.*

БИТЕДЕЙИНЕН *чүй.* биштейинен, кичинекейинен; *битедейинен элетте өскөн.*

БЕТЕКАРЫН *ыск.* битир, сараң, ач көз; *колунан эчтеке чыкпайт, ал битекарын.*

БИТИ: бити–бити *пам.* кичине – кичине, бир аз эле, анча – мынча; *шабдоолуңдан бити–бити.*

БИТИНӘ *пам.* ичи тар; *битинә адам.*

БИТИНИ *өзг.* битир, сараң; *ач көз, битини болгон экен.*

БИТИП *жжол.* мынтип; *менин битип жүргөнүм кыздын дәрти.*

БИТКЕ *жерг.* бир тике, бир аз; *ак таш, көк таш, мәмәдәли чандыр баш, чандырыңдан битке бер, чарыгымды жоwлайын заң–зуw* (чикит ойнунда утулган бала ушинтип зуулдайт).

БИТТӘ *жерг.* бирөө; *сuwга түшсө биттә, сuwдан чыкса миңтә* (таб. аттын куйругу); **биттә айтканда** *батк.* бир сөз менен айтканда; *биттә айтканда туу бээ сойуп таштады.*

БИТТӘЛӘ *лейл.* бир – бирден бөлүү; *биттәләп бәйләйвиз.*

БИТЧЕ *өзг.* бир аз; *битче берип кой* (кээде «бирке» болуп да айтылат).

БИХАНА *зам.* кине, айып; *сен бихана кылбай айт.*

БИХИ *жерг. к.* бийи, бээ; *бихи жүзүм чогулттук.*

БИЧӘРӘ *жерг.* бечара; *күндөле даван ашат, бичәрә.*

БИЧЕ *жерг., пам.* бир аз гана, кичине эле; *биче гана калыптыр, орой койгула, тайлар* (сал. жиче).

БИЧЕН *ыск.* бу чен; бу жер; *биченде эштеке деле жок ко.*

БИЧИ *лейл., батк.* 1. кичинекей; *пәтирден бичи–бичи үзүп бериң;* 2. анча – мынча; *бичи пул бериң, китеп алайын.*

БИШКЕК: казан бишкек *тяньш.* башы төрт ачалуу бишкек; *казан бишкеги болсо болор, болвосо ошол да кеп бекен;* **оймо бишкек** *түнд.* бетине ар кыл кооздук, түр салынган бишкек; *оймо бишкек жок болуп кетти окшойт.*

БИШИ *ыск.* эликтөөдө айтыла турган сырдык сөз; *бишш, эмнеге алың келет экен* (монголчо «биш»).

БО I: бо–бо *ыск.* 1. сырдык сөз (атты же кушту жемге чакырганда колдонулат); 2. *жжол.* кекиликти айдап коруганда колдонула турган сырдык сөз; 3. *пам.* итти чакырганда колдонулуучу сырдык сөз; *бо–бо, Жолворс!*

БО II *кул.* мына бу; *бо өкөө тең ыктуу буйумдар тура.*

БО–БОЛО *ыск.* 1. кушту жемге чакыруу; 2. *жжол.* кекиликти айдап коруу; *кекилик кетти, бо–боло.*

БОГОЗЕК *жерг.* буудайдын жаңыдан баш алышы; *буwдай богозек болуп калыптыр.*

БОГОТ *зам.* үйдүн кашаты; *тамынын боготу бовойт.*

БОГУЗ *зам.* 1. кекиректин кокосу; *Отор әкәнин богузу кымылдап турат;* 2. *зам., тяньш.* тегирмендин ташындагы көзөнөк; *тегирмендин богузу.*

БОГУЗДЕК *лейл.* жемсөө (сал. жыгырдан).

БОГУЗДОW *пам., зам.* мууздоор; *богуздоwдон малдар сойулат.*

БОГУЗДОК *пам.* 1. мууздоо; *койду богуздогудан сойот;* 2. коко; 3. жылганын алкымы (сал. тув. бостаа «коко, кекиртек»).

БОГУЗЕК *жерг.* жаргылчактын туткасы бекитиле турган чункур; *ону биз богузек дейвиз.*

БОГУТ *ккырг.* тоонун күнгөй бети; *богутка малды жыйып жибер.*

БОГУЦ *баткч.* май жубаздын «нараанын» бекем кармап туруу үчүн анын айланасына «паана» кагыла турган жер (кээде ал «богуз» деп да аталат); *богуц кетип, таш галдаңдады.*

БОДО *пам.* аркар кулжанын козугадан өтүп калган баласы; *козуга, онон кийин бодо дейт* (аркар жашына карай: козуга, бодо, эки тишти аркарчак, төрт тишти аркар, алты тишти аркар, аркар, гез кайтарган аркар, харыган аркар болуп бөлүнөт); **бодо көктөдү** ◊ кулжа жүгүрдү.

БОДОВОТ *жумг.* чоң чыны; *Айна, бодоботко кымыз куй.*

БОДОЙ *зам.* эрини өтө шалпык; *босогодо бодой шалпык, ону таппаган сен эм шалпык* (таб. өтүк).

БОДОҢ *пам.* азуусу түшкөн мал; *бул кой бодоң турвайвы!*

БОДОЧО *атб.* малды сойгондо майдалап мүчөлөбөй бүтүндөп жиликтеп союу (колун кол, санын сан кылып...); *этти бодочо-бодочо эле кылып койгула.*

БОДУРКАДАТ *жерг.* өсүмдүктүн аты (көк, сары түстүү гүл өсүмдүк, жалбырагы талдын жалбырагына окшош болот); *бодуркадат өсөт экен, көрсөтүп койчу.*

БОЖОГОЙ *түнд.* уруунун аты; *ал божогой азыр эле тийакка кетти.*

БОЖУ I *чүй.* можу; *божуну силкти.*

БОЖУ II *пам.* айран, сүзмөнүн ачып – кычып ташып кетиши; *сүзмө божуп кетти.*

БОЗ *түнд.* 1. богуч түс; 2. *пам.* ак; **боз киши** ак жуумал киши; **боз ат** өңү ак ат; **боз тон** ак тон (бул сөз «боз найман» деген уруу атында да жолугат); 3. *өзг., терг.* айран – сүт; *үйгө жылаан кирсе, боз төгүп чыгаравыз;* **кәлтә боз** *өзг.* кыска жоон сымал келген жылан (муну жергиликтүү эл ооруу адамга дары катары сорпосун кайнатып ичирип, этин жедиришет. Кәлтә боздун өңү кызгылт да, кара боз да болот); **сүткүл боз** *пам.* агыш боз; *сүткүл боз койду бүтүн алып кал.*

БОЗАЛА *зам.* таңга жуук, таңга маал; *Азим бозалада үчта кети.*

БОЗГУ *батк.* чандатуу; *ээ, дос, имнеле бозгуйсуң?*

БОЗГУЛТУМ *суз., пам.* бозомук; *ошол богултум болчу.*

БОЗГУЧ *өзг.* бозомук; *көйнөккө алганы бозгуч кездеме экен.*

БОЗГУЧАК *пам.* бозгулт; *бозгучак кой көрүмбөйт.*

БОЗДОЙ *ноок.* боз үй; *боздойдун жыртык-тешигинен эл карайт.*

БОЗДОМО *түнд.* 1. бир нерсе жөнүндө дайыма боздоп ойго салган адат; 2. күүнүн аты; *боздомо – сүйгөнүнө жетпеген жигиттин зар какшаганын, күйүтүн билдирген күү.*

БОЗДОН *лейл.* бозоң;

БОЗДУК *өзг.* жаштык кез; *боздуктан бәндә өлвөсүн , боз топурак көрвөсүн.*

БОЗЕК *өзг., пам.* музоо; *бозектер талаада оттоп жүрөт.*

БОЗКОШ *жерг.* өсүмдүктүн аты (сары түстөгү майда гүл ала турган өсүмдүк); *бозкош жыттуw гүл.*

БОЗМОК *өзг., тал.* бозомтук; *бозмок тартып каптыр.*

БОЗМОЧ, БОЗМОШ *зам., батк. к.* бозноч; *мен алма бозмоч сурап келдим.*

БОЗМОШТУW *лейл.* бозноч чөбү көп жер; *бозмоштуw жерде бото өлвөйт, эрмендуw жерде эр өлвөйт* (мак.).

БОЗНА *лейл.* карал; *бозна кылар бай атам чыргасын сойуп гөш...*

БОЗНАЧ, БОЗНОЧ *ал.* өсүмдүктүн аты (бай түп алып, шыбакка түспөлдөш болот, сары гүл ачат, тоодо өсөт, чай жана дары катары

колдонулат); *бозноч болгондо ботом өлөт беле?* (сал. бозунач, бознач, бозунуч, бозынач); аркар бозноч *пам.* өсүмдүктүн аты; *аркар бозночту чай кылып ичишкен* (бул өсүмдүк ак гүл алып, өңү бозгуч келет да, кыр – кырдын башына чыгат, бийик өсөт).

БОЗО I: **күрүч бозо** *чүй.* күрүчтөн жасалган бозо; *кышында күрүч бозо берет.*

БОЗО II *чүй.* жемден калтыруу; *жем бербей бозоп, бетегеге отко койду.*

БОЗОБАШ *лейл.* кычы (өсүмдүк); *бозобаш чыкпаган талаа барбы.*

БОЗОГО *нар.* босого; *бозого тайак боз үйдүн эшигин чыгарууга негизделет.*

БОЗОЙ: **биздин бозой келвегей** *жерг.* ыр менен чертилүүчү комуз күүсүнүн аты (анын текстин төмөнкүдөй:

Ак шәйи көйнөк желвегей,
Адашып бозой келвегей.
Агуруп бозой келсе дә,
Биздин бозой болвогой.
Биздин бозой болсо дә,
Ишин «худай» оңдогой).

БОЗОКАНА *суз.* бозо салып сатуучу үй, дайыма бозо ичиле турган жер; **бозокана мәйлис** бозо ичип жаткан жерде өткөрүлгөн аңгеме, жыйын; *бозокана мәйлисте болду сенин жаңжалың.*

БОЗОРЛУW *жжол.* ташкын; *эки дәйрә бир куйса бозорлуw кент.*

БОЗОЧУ: **бозочу чал** *ыск.* комуз күүсүнүн аты.

БОЗТЕК *ыск.* кыргоолдун мекияны; *бозтегинин өңү боз.*

БОЗТОМО *кашк.* боздой берген адам; *бозтомо болсоң күндө тайак жейсиң.*

БОЗУМАН *тал.* өсүмдүктүн бир түрү (бул чөп дары катары колдонулат); *бозуман бир болсо ошол жерде болот.*

БОЗУМТАЛ *пам.* бозгуч; *бозумтал өскөн, үрпөйгөн тармал чөп.*

БОЗУМТУК *алб.* бозумтул; *бул жердин топурагы бозумтук болот.*

БОЗУМТУЛ *түшт.* бозгуч, бозомук; *бозумтул көйнөк кийип жүрөт.*

БОЗУТУР *батк.* бозомук, бозумтул; *сырты бозумтур, ичи кызыл.*

БОЗУНАЧ, БОЗУНОЧ *жжол., ал. к.* бозноч (жергиликтүү адамдар муну үзүп келип, кургатып коюп, анан дары катары эзип ичишет).

БОЗУРАЙЫҢКЫ *ош.* бозорунку; *жайнап турвай бозурайыңкы көрүнөт.*

БОЙ: **аза бой** *к.* аза; *ол аза бой адам, тойго апарвай эле кой;* **азат бой** *к.* азат; **бака бой** *чүй.* тулку жаман; *бой бака бойун баа көрөт;* **босого бой** *жжол.;* ичке, узун, келишкен бой; *босого бойлуw ыргалжан, бойу жакшы кездержан;* бой – болтоң *ыск.* субай – салтан; **бойго жуwайт** *батк.* бойго чак келвейт; **киндик бойу** *пам.* палван ташты киндиктин тушуна чейин көтөрүү; **тизе бойу** *пам.* палван ташты тизеге чейин көтөрүү; **эмчек бойу** *пам.* палван ташты эмчектин тушуна чейин көтөрүү.

БОЙБАШ *пам.* бойдок.

БОЙАК *өзг.* бул жак; *сизди бойакка келип отурсун дейт.*

БОЙБОЙ *жерг.* сырдык сөз (корккондо айтылат); *бойбой ана келе жатат.*

БОЙГИНӘ *жерг.* бой; *бойгинәңән карай көз.*

БОЙДОК *батк.* 1. жыныстык жактан ашынуу; *ол шу кезде бойдок болуп турган кези;* 2. *түнд.* үйлөнө элек адам; *бойдок бойдон жүрө бервей турмуш кур.*

БОЙКАТ *жерг.* кош бойлуу, бооз; *кыздарынын әммәси бойкат экен* (кээде «әмләдәр» деп да аталат).

БОЙКОНОК *өзг.* уруунун аты; *бойконок уруусунда пәәшә болгон экен.*

БОЙЛО *батк.* бой жүрүп иш кылуу; *бала-цакам үйдө, мен бойлоп эле жүрөм.*

БОЙЛОМО *баткч.* аялдардын кооз жасалгасынын бир түрү; *бойломоңду көсөтчү, көрөйүн.*

БОЙЛОШ *жерг.* бой теңештирүү; *ке, бойлошовуз.*

БОЙОW *батк., пам.* өсүмдүктүн аты (тоолуу жерде жерге жабышып жайылып өсө турган өсүмдүк. Анын түбүн казып боёк иретинде пайдаланат); *бойowдун тамырын алып ыраң кылат;* **чөп бойow** *батк.* «бойow» өсүмдүгүнүн бир түрү; *чөп бойow жолдун атравыда көп.*

БОЙОК: **кара бойок** *батк.* өсүмдүктүн аты (бул өсүмдүк көбүнчө сайлуу какыр жерге чыгат. Анын тамырын казып алып, жип, жүн боёлот. Ал жерге жайылып өсөт да, ак түстүү гүл ачат); *балам, барып кара боёктун тамырын казып келчи;* **тамыр бойок** *түшт.* өсүмдүктүн аты (бул өсүмдүктүн тамыры жүн боёого пайдаланылат. Жүн боёого чүкүрү, ышкын, кымыздык, ат кулактын тамыры, анардын кабыгы колдонулган).

БОЙОКТО *лейл.* боёо; *чым кызыл кылып бойоктойвуз.*

БОЙОН: **бойон найман** *суз.* найман уруусунун бир тобу (Сузак тараптагы наймандар илгери; койон, найман, бойон найман, кожо найман, коко найман, босторгой найман, кара найман, кар найман болуп бөлүнгөн).

БОЙРО: **бойро базар** *түшт.* бойро сатыла турган базар; *бойро базар да тиешелүү орун ээлеген;* **увәсә бойро** *базк.* тыгыздалып согулган камыш бойро; *тосундардын үстүнөн увәсә жүп, же увәсә бойро таштайт.*

БОЙРОМЧО *кочк.* жүк жапкыч, жапсар, ат жабуу ж.б. түйүлгөн чоң топ чачы; *бойромчо жок болуп кетти го.*

БОЙТО I *тяньш.* бут кийимдин бир түрү; *бойтону кийип ал, ме!*

БОЙТО II *тяньш.* өрүмдүн бир түрү; *минтип өргөндү бойто деп койот.*

БОЙУН *пам., зам.* моюн; *азавын шерик бойнуңа ал;* **бойунга сал** моюнга кой; *эки кишинин бойнуга салат;* **кәм бойун** *лейл.* килемдин саймасынын аты.

БОЙУЦА *баткч.* боюнча; *мусулман сәәнәси бойуца.*

БОЙУЧА ал бойунча; *Чоң-Алай бойуча.*

БОЙЧОҢ *батк.* бойлуу; *бойчоң адам.*

БОК: мурду бок *батк.* 1. маңка; *мурду бок,* «*кәмпирди өлгөндө көр, келинди келгенде көр*» (мак.) *деген;* 2. учу саргарып чиригенсип кеткен пахта; *пахтанын ичиндеген мурду богу шол.*

БОКАН *түшт.* уруунун аты; «*мен үштү жувам*» – *деди тиги бокан.*

БОКЖАРА *ноок.* сыздоок; *бокжара чыгыптыр.*

БОКЕЙ *түшт.* уруунун аты; *ол маңа бере беде деп келе берген бокейви?*

БОКОWУЛ *жерг.* күрөштө судьялык кылган адам; *бокowул не десе, шонун гәви гәп.*

БОКОЙ *ыск.* 1. мокой; *бокой тиштейт, ыйлава;* 2. *жжол.* илгерки уруунун аты; *бокой, саабай, тооке бир урувта кирүwчү топ.*

БОКОН I *өзг.* шашпай абайлоо; *жолдон бокон бар, антпесең сындырып аласың.*

БОКОН II *түшт.* чокон; *бокону калды-бокону калды деп бакырды.*

БОКОНО *түнд., лейл* 1. карчыганын ачык тарабындагы

кыска, кичинеси; 2. *лейл., өтм.* жаш, кичине; *боконо болгону менен көптү билген бала*; 3. *чүй.* бакене; *боконо бойлуу;* **бир бокону кем** ◊ *өзг.* акылы аз.

БОКОЧО *чүй, тал., ыск.* мокочо; *сырдык сөз* (баланы коркутууда айтылат); *бокочо келет, тим отур!* (сал. бөө, мөө).

БОКЧО I *тяньш.* топсо (сал. ашык – машык, допсо, тосмо, айланпа, бүкмө).

БОКЧО II *тяньш.* атка бешик өңөргөндө ээрдин кашына таңылган төшөк же эски – уску кийим; **бокчо ачуw, бокчо ачар** *пам.* келиндин үйүнөн келген буюм – тайымдарды көрүү жөрөлгөсү; *бокчо ачуwга акча берет* (сузакта ал жөрөлгө «сарпай акы» деп аталат); *бокчо бowуну бериң;* **кош бокчо** *пам.* бир жагына таза, сый кийимдер салынып, бир жагына эски – уску кийимдер салынган бокчо; *кош бокчонун бир жагын бош кой;* бокчо чечер *өзг.* күйөөгө арналган кийимди бергенде таңылчакты элге көрсөтө чечип, акча алуу жөрөлгөсү.

БОЛ: болуп койуw *батк., этн.* балдар бой тартып калган кезде кудалап коюу; **болуп койду** *жерг., лейл.* кудалашты; *болгон жери менен ажырашыптыр.*

БОЛАДӘРИ *жерг.* босого баш; *боладәри кыйшык орнотулуптур.*

БОЛБУЛЕК *түшт.* пахта ийре турган чарыктын жиптен жасалган тарткычы; *узун терек жыгылса, учу менин колумда, болбулеги сайраса, тили менин колумда* (таб. пахта ийрүүчү чарык).

БОЛВОГОЙ *жерг.* болбосо экен; *аг уруп бозой келсе да биздин бозой болвогой.*

БОЛВУР *түшт.* кыял – жоругу жеңил киши; *болвур – жеңил ой, басырыксыз, бошоңдошкон адам.*

БОЛГО *батк.* боолго; *болгоп калыптыр.*

БОЛДУР: **болдур – болдур** *чатк.* албыр; *болдур – болдур баш кармайт* (таб. жүгөн. Сал. балжыр).

БОЛЖОЛО *чүй.* болжолдо; *болжолоп сүйлөдү* (Кегети).

БОЛОМАЛ *алб.* болук, эткел; *агай бул жерде иштеп жүргөндө боломал эле.*

БОЛОН *батк.* моюн жагы ала – була келген арыс; *болон – арыстын бир түрү болот.*

БОЛОРМАН *батк.* ар ишке жарай турган адам; *болорман жигит адаты эл үчүн иштейт жашынан.*

БОЛОРМАНДАР *өзг.* акыл чечкендер, айыл башчылары; *болормандар чогулуп мәсләәтәшкән.*

БОЛОТНАЙ, БОЛОТУНАЙ *ыск.* полотно (орус тилинен); *болотунай, чыт, тырайке бир экен.*

БОЛОТУМУШ *лейл.* болот имиш.

БОЛПОК *ыск. к.* борсолдой; *үй ичинде болпок семиз* (таб чычкан).

БОЛПОҢ *түнд.* жумуш жасай албаган киши; *ай, ошол болпоңду көргөндө жаным чыга түшөт;* **май болпоң** мажүрөө; *май болпоң бойдон турвайвы.*

БОЛПУ *түшт.* уюлгу; *болпуган чаң жадатып живерди.*

БОЛУМДУW *батк.* болумдуу; *боз карчыга бөөдө ойнойт, болумдуw бала жowдо ойнойт, болуму жок – шыгы жок аш талашып үйдө ойнойт* (мак.).

БОЛУС *лейл.* болуш; *Казыбек болус болгон.*

БОЛУСКЕЙ *түнд.* 1. жалтырак ак металл; 2. *тяньш.* ар кандай жалтырак металлдан жасалган ар кыл идиш.

БОЛУШКААК *батк.* болушчаак; *баласы урушкаактын энеси болушкаак* (мак.).

БОЛЧОЙ *ыск.* барскан; *силердин болчойуңар барбы?*

БОМОЗИЙ *ыск. к.* бумазий; *бомозий бар бекен?*

БОМОЗОК *тоң.* помазка; *бомозгу жок эле сакал адам.*

БОМПОЛО *алб.* ичимдикти ичип жиберүү; *мен эчек эле бомполоп койдум.*

БОО I *ыск.* бул; 1. *боо куйругу чоң, куйругу кучак экен?;* 2. *ыск.* буга (барыш жөндөмдө); *боо эмне деп жоп беревиз* (сал. тув. бо «бул»).

БОО II: **ак боо** *лейл.* үзүк боо; *жавык баш, ак боо, көвө кийис дейвиз;* **балтыр боо** *түнд.* куш – бүркүттүн бутуна байланган боо; **баш боо** *түшт.* моюнча; *торпоктун баш боосун куржунга салды;* **желе боо** *түнд.* желенин айлана – тегереги; *желе боо түгөнүп кетти;* **каргы боо** *ыск.* жуучулар келгенде кыздын атасына баланын атасы тараптан берилген сый – белек; *карагы боого эмне бериптир?* (бул адат казак элинде да «каргы бау» деп аталып келген. Сыягы ал адат байыркы мергенчилик менен байланыштуу болгон көрүнөт); **терме боо** *жжол.* боз үйдүн сызма жиби; *терме боо, тегирич, шып, депкир дейбиз;* **түймө боо** *өзг.* бүчү; **уй баш боо** *жжол.* уй байлоочу жип; **чылбыр боо** *тыньш.* кандайдыр бирөөгө сөз, акыл үйрөткөндүгү үчүн берилүүчү акы; *болду–болду, бул чылбыр боо гана болсун;* **шалы боо** *өзг.* шалынын сабагынан жасалган боо; *мәкәнин пайасын шалы боо менен байлаптыр.*

БОО III *жжол.* уруу, урук, тарам; *токсон боолуу өзүбектин бир боосу* (сал. байт. «баг»).

БООЛУУ *жжол.* уруулуу, уруктуу; *илгери өзбектерди токсон боолуу эл деген.*

БООГА *батк.* бооланган чөп; *боога–боога кылып жый.*

БООЗ *пам.* уруунун аты; *бооздун кишилери аргамжыны «аркан» дейт.*

БООЛ *батк.* бол; *боол кээт* (бул сөз улгайган адам аттарында байыркы түрүндөгүдөй созулуп айтылат: Кулбоол, Досбоол, Эшбоол, Байбоол ж.б.).

БООЛГУ *лейл.* боолго; *шаттыкта болсо керек деп боолгудум.*

БООЛУК *суз.* 1. кеп такыянын эки жаак жагындагы узун кеткен шуру – мончоктуу салаңдоору; 2. укурук; *Сатакем минген чабдар ат боолук салса жарашат.*

БООР *түп.* уруунун аты; «*куда болгуча кулу–бийиң сураш, куда болгондон кийин кул да болсо сыйлаш*» (мак.) *дейт, жанакы боор* (кээде «боор эли» деп да аталат); **боз боор** *батк.* койдун оорусунун бир түрү; *боз боор болуп өлүптүр;* **жалаң боор** *жерг.* кол чаначсыз, кабаксыз эле чабак уруп суудан өтүү; *жалаң боор атып сүүдан өтөт;* **жылан боор** *ыск.* камчынын бир түрү; **кара боор** *ыск.* канатуунун аты; *кара боордун учкулу ай;* суук боор *ыск.* тоо ичиндеги суугу күч боорлуу колот, өндүр; *суук боорго өрдөп барыптыр;* **уй боор** *түнд.* бир – бирине өтө эле жан тарткандык; *ал жердин эли уй боор эл болот экен;* **бору кевеп** *түшт.* шордуу адам; **боору эзилди** *батк.* боору ооруду, жан тартты.

БООРКОК *тал.* боортко; *бооркокту жаш балага тартат.*

БООРӨҢДҮ *лейл.* 1. кочкул; 2. кара кочкул (сал. жигер ыраң, жигер түс); *боорөңдү кызыл эмес, кара эмес;* 3. күрөң; *гилемге боорөңдү түр жетпей калды.*

БООРСАК *пам.* боорукер; *өгөй эне боорсак гөрдө жатып кол булгайт* (мак.).

БООРСОК *батк.* 1. килемдин көчөтү; 2. *өзг.* кулактын учунан туура кичине салынган эн; **жолу боорсок** *пам. чоң жасалган боорсок кыл;* **көз**

боорсок *жерг.* балага «көз тийбесин» деген максат менен боорсокту мойнуна илип коюу адаты; *көз боорсокту жасап илип койгонбуз;* **сүт боорсок** *тяньш.* сүт кесме (сүткө камырды; үзүп салып бышырган тамак).

БООРТКО *жерг.* баланын төшүнө тартыла турган көкүрөкчө; *төшүнө боорткосун тарта сал;* **боортко бow** *тяньш., жерг.* бешикке тагылып, баланын бооруна тартыла турган боолук; **боортко бowдун жыгачы** *жерг.* бешиктин боорткосу байлана турган ичке жыгачы; *боортко bowдун жыгачы ичке келип, бешиктин жаныда болот.*

БООРТКОК *өзг.* боортко; *боорткогун чечип кой.*

БООРТОК *пам.* бешиктин боортко боосу; *боортогун бек байла.*

БООРТОН *пам.* бешик боо; *боортонун бери тарт.*

БООРУ: **тооруп–бооруп** *түшт.* чалып сүйлөө; жипти тартуу; *тооруп–бооруп сүйлөгөн тилиңизге хуштармын.*

БООРУБАШ *жерг.* борбаш; *боорубаш атап койот.*

БООРУК *тал.* жүгөрү саба; *бооруктан жыйып ал.*

БООРУКЧА *жерг. к.* борукча.

БООРУТКА *өзг. к.* боорткок; *баламдын бооруткасын алып бер.*

БООС *чүй.* бооз; *көчкөндө боос, конгондо коос* (таб. боз үй).

БООТОЙЛО *чүй.* тоголоктоп боолоо; *терген термечигимди, боотойлогон боомду, туйуктан туткучумду, ийриден түпкүчүмдү бердим.*

БОП I *атб.* чакмак таш ойнундагы бир фазанын аты.

БОП II *жерг.* бап; *боп шым экен.*

БОПО *чүй, терг.* отун, тамак; *ааандай оозун ачканда ичине кирет бопосу* (мешке карата).

БОПОЛОҢ *чүй.* аралаш; *бир аз күндөн кийин эле бополоң болуп кетти.*

БОПУЙ *ыск.* болпоюп, тегерек, толмоч тартып чоңоюу (жаш балага карата); *бопуйуп отура берет* (сал. тув. бопуй «болпоюп көбүү, шишилик тартуу»).

БОW I: **бow–бow** *пам.* төөнү жемге чакырганда колдонулуучу сөз; *ала төw, бow–бow!*

БОW II *жерг.* боо; *кыргыйек салсаң–сен салсаң, кызылдан бowун мен чалсам;* **эки күндө тогуз бow, бовосоң койо кал** ◊ *батк.* иштевесең жөн кой; **бow–дow** түрмөк; *бедени бow–gow кылып, анан бowлайт;* **бел бow** *пам.* 1. боз үйдүн курчоосу; *тегерете курчалган арканды бел бow деп койот;* 2. *өзг., пам.* чарчы кур; *бел бowу күрөшкөндө чарт үзүлүп кетти;* **бowуртка бow** *зам.* бешик боо; *колу–бутун бowуртка бow меен байлап койот;* **гылыч бow** *пам.* кылычтын элесин берген көчөттүн аты; *гылыч бow он үч жиптүw болот;* **дәс бow** *бүркүттүн бутуна байланган балтыр боо* (түндүк говорлордо ал «балтыр боо» деп аталат); **калпак бow** *батк.* калпакка чыгарылган чачы; *калпак бow, ашык, тәкчә дей беревиз;* **кәлит бow** *пам.* кооз жиптерден өрүлүп сызылган чач учтук; *жидәә кәлит бow болот экен;* **кәлтә бow** *түшт.* бүркүттүн бутуна байлануучу кыска кайыш боо (түндүк говорлордо ал «кыска боо» деп аталат); **кили бow** *жерг.* ачкычтын боосу; мала бow *батк.* кара малдын терисинен тилип эшилип жасалган боо; *торпоктун терисинден мала бow жасадым;* **оймок бow** *батк.* оймок бооч; *оймок бow салып алды;* **пүчү бow** *түшт.* 1. келинди жаңы алып келгенде эл келип көрүү салты; *пүчү бowун куттуктап жатышы;* 2. *жерг.*

үйлөнүү тоюнда күйөө – кызды таңып, бут бастыруу жөрөлгөсүнөн киши күйөө – кызды чечкенде ырымдап акча берүү адаты (күйөө берет); **тартма бow** *пам.* басмайылдын боосу; *кичинеси тартыма бow;* **чач бow** *пам.* чачка тагыла турган кооздук (ал: жип, сөлкөбай, коваржа, бүwүн, седеп, шамалган деген бөлүктөрдөн турат).

БOWЛOMO *батк.* бооломо; *бowломо парку, кеште парку, базары парку болот.*

БOWЛУК *жерг.* боолукка жарай турган үзүлбөгөн бышык чөп; *шу кызымын көз жәшинән жәмән жәним сыздайт, бowлукту өзүм үзүп берем.*

БOWРУМАЛ *пам.* боорукер; *«үркөр үйдөн көрүнсө үч айдан кийин жаз болот, жатканча жамбашка келсе жазга таандык» деди, өзү бowрумал адам.*

БOWУР *жерг.* боор; *бowрудуу карап оттогон;* **көк бowур тиштетүw** *жжол. канжел менен ооруган адамга жаңы союлган малдын отко чала бышырылган көк боорун тиштетүү жөрөлгөсү.*

БOWУРКЕЧ *жерг.* боорукер; *кагылайын, жайдарым, бowуркеч болгун ойерде.*

БOWУРТКА *батк.* 1. бешиктин алкагы менен туура жыгачтын бириккен жээгине өткөрүлгөн кайыш; 2. боортко; **кол бowрутка** колду байлай турган боортко; **пут бowуртка** бутту байлай турган боортко.

БOWУРТКАК *тал.* бешиктин боор тарткычы.

БOВАР *жерг.* урмат, сый; *атасыга бовар кываган энесиге бовар кыла веде?*

БOБEРЕГИ, БOБEРЕКИ, БOВEРЕГИ, БOВEРЕКИ *ыск., тяньш. к.* мобереки.

БOВУ *ыск.* мына бу; *бову коргондогу чоң жеңе.*

БOВУЛ *ыск. к.* мобул.

БOВУНДА *ыск., жумг к.* момунда.

БOВУНДАЙ *ыск., жерг. к.* момундай; *так бобундай балык кармадым.*

БOВУЙАКТА *ыск.* мына бул жакта; *байа–байа, күн бовуйакта турганда.*

БOВУТКА *өзг.* таткыч, тутка.

БOГАЗ *пам.* өндүр, жылга.

БOГЖOМOЛ *лейл.* 1. кажары таар түрүндө саймаланып да, саймаланбай да жука согулган таар (аны бокчо иретинде пайдаланат); *бокчо менен богжомол бир;* 2. баалуу кездемелерди өзүнчө ороп коюучу материал (кээде богжомол «покчо, тең, ороо» деп да айтылат).

БOГOВУЗ *өзбк.* бок ооз.

БOГOЗ I *ичк.* бооз *түнд.*; *менин бээм богоз, жакында тувват.*

БOГOЗ II *жерг.* 1. баш жагы дөң болуп, аяк жагы жайылып кеткен сай жер; 2. жердин аты; 3. *пам.* эки жылганын кошулган алкымы; 4. *пам.* кекиртек, тамак; *богозунун алып бувунтту.*

БOГOЗДO *түшт.* суу тегирменге тартылган эгиндин ун, талкан болуп тартылбай көзчөдөн жок болуп кетиши; *тегирмен богоздоп кетиптир.*

БOГOЗДOК *батк.* тегирмендин жаргылчак ташынын ортосуна өткөрүлгөн окту кармап туруш үчүн бекитилген жыгач; тегирмендин богоздогу бошоп кетиптир (богоздогу бошогондо дан майдаланбай өтүп кетет).

БOГOЗEК *батк.* мууздоор; *тил менен кекиртектин кошулган жери – богозек.*

БOГOК I *жжол.* боортко; *көкүрөккө такканды богок дешет.*

БOГOК II *өзг.* 1. шалынын кылкан чыгарып калган *учуру* (сал. ийне,

үйрө, кыйак); 2. *жерг., пам., зам.* койдун алкымы шишик тартып ооруган сору; *богокту зәлпәрәң менен дарылайт*; 3. *батк.* жаңы түйүлгөн алма; *алма түйүлсө богок, өрүк түйүлсө горо дейвиз;* **богок болду** *суз.* жүгөрү баш чыгарган учур; *мәкә богок болду;* **ич богок** *чүй.* тамакты ичинен кармаган богок оорусу; *ич богок меен ооруган;* **богоктон ал** *пам.* жанала; **богок болгондой керсейет** *пам.* кыйынсынат; **богогу кең** *пам.* 1. кекиртеги, алкымы чоң; 2. ичмекей.

БОГОО *чүй.* кишен; *богоону сүйрөй келип, жийдеген даам тат* (Ысык – Көлдө «кишен», түштүк говорлордун кайсы бир жерлеринде «гүндөө!» деп аталат).

БОГОРСТОН *түнд.* уламыш боюнча илгерки солто уруусунун түпкү атасы; *солто богорстондон тараган (*Богорстондун атасы – Тагай, Тагайдан; Богорстон, Койлон, Кылжыр үч бир тууган болот).

БОГОТ *зам.* 1. камыш менен жабылган үйдүн жээги, кашаты; *боготунан күйдү*; 2. *зам.* бөгөт; *саарда боготто болдум;* 3. *ноок.* картошка, жүгөрү ж.б. техникалык өсүмдүктөрдү сугаруу үчүн жасалган жөөктөрдүн 4 – 5 башын бериктирген арык; *тәмәкинин боготуну бәйлә.*

БОР I *пам. жерг.* 1. акиташтын тозону; *болсоң болгундай бол, болвосоң бордой тозуп кет* (мак.); 2. акиташ; 3. бор; **бор–бор** *пам.* быр – быр; *көк күчүгүм бор–бор чычат* (таб. ун, элгек).

БОР II *пам.* ордо ойнунун бир түрү (байге сайылбаган түрү); **бор же** *пам.* ордодогу бор ойнунда жеңилүү; *утулуп калсаң бор жедиң деп койот;* **бор бер** *жерг.* бор ойнунда утулган жакты томпойдун ичегисине түкүрүп алып ызалоо жазасы; *бор бергенде түкүрүп алып ызалайт.*

БОРБОЙ *түнд.* 1. мурун беттин дардайып, эти көөп, тегерек тартып чоңоюп калышы; *борбойуп мунун мурду кайда барат?* (сал. тув. борбай «борбой»); 2. *зам.* буттагы кызыл ашыктын жогору жагы; *кызыл ашыктын жогорку булчуң гөштүн аралыгын борбой дейт.*

БОРБОЛДОЙ *чүй* 1. чычкан; 2. таңылчак; *жүк алдында борболдой семиз* (таб. таңылчак).

БОРБУЙ *лейл.* 1. балтыр; 2. *түнд.* мурундун таноосу.

БОРДОКУ *тал., батк., чүй.* 1. борго байлаган мал; *жылкы жайлоодо семирет* (мак.); 2. *батк.* иш иштебей үйдө жүргөн адам; *ол әйәлин бордоку кылавы, иштетпей?;* 3. *жерг.* эркe; *балаң бордоку болот.*

БОРДОМО *жжол.* акталган нерсе; *бордомо, шып, уваска, торсун деген сөз бар.*

БОРДУ *чүй.* 1. бору бар жер; 2. жердин аты.

БОРИЙӘ *лейл.* бойро; *жаткан борийә, жүргөн дәрийә.*

БОРК: борк семиз *түшт. к.* борколдой; *жүк алдында борк семиз* (таб. чычкан).

БОРКЕ *атб.* кичинекей фарфор чайнек; *ак боркеден кымыз куйуп берди.*

БОРКЕМИК *суз., жумг.* уруунун аты (саякка кошулган).

БОРКОК *иск., чүй.* 1. төштүк, ашкөрөк; *бала боркогун булгап койгон экен ээ* (түп); 2. *тал., пам., акт.* торпок – тананын мурдуна өткөрүлүүчү туяк (ал чүлүк менен кошо өткөрүлөт, оттогондо чөп жегенге тоскоол болбойт, бирок өйдө карап сүт эмээрде оозду тосуп калат); *тананын мурундагысы–боркок* (сал. чүлүк); 3. *тал.* жаңы төрөлгөн баланын алдына салуу үчүн жумшактап жасалган матрацча

(боркокко ат кулактын кызыл болуп бышкандагы бүрүн салат); 4. *атб.* бешик боо; *бешиктин боркогун чечип, колун бошот;* **таш боркок** *кочк.* карындын ичиндеги этке таш ысытып салып, бышырып жеш жөрөлгөсү (муну жыгачка илип коюп бышырышат, ошонусу менен ал таш кордодон айырмаланат).

БОРКОКТУУ *тяньш.* боркогу бар мал; *боркоктуу торпок жок.*

БОРКОЛДОЙ *ыск.* 1. борсолдой; *терг.* чычкан; *жер астында борколдой семиз* (таб. чычкан); 2. *атб.* суурдун чөндөлөйү (сейрек айтылат); 3. *жжол.* илгерки уруунун аты; *борколдой, бавы, ноокат, черик, гүлчөнүн түбү бир.*

БОРКОЧОР I *акт., тторо.* тоо эчкинин бир жаштагы эркек улагы; *үч–төрт боркочору бар көрүнөт* (Кочкор, Жумгалда «багылдыр» деп аталат).

БОРКОЧОР II *кашк.* жашылча; *боркочордон алалы, бети–колду жувалы.*

БОРНОШАЙ *зам.* күүнүн аты (комуз күүсү); *кулпу тондуw борношай, биздин элде болсочу ай* (ыр менен чертиле турган күү).

БОРО I бороп–сороп *түшт.* бурап – сурап; *салган отту мал бороп–сороп жок кылды;* **боро–шоро түш** *пам.* долуланып ыйлоо.

БОРО II *батк.* бор; *адам болвосоң бордой тозуп жок бол.*

БОРОWЧУ *батк.* уруунун аты; *борowчуну карда көр* (лакап).

БОРОЗ I *түнд.* жөнөкөй карта (көзүрдөн башкасы); *менде жалаң эле бороз калды.*

БОРОЗ II: **бороз–бороз** *түнд.* сокого кошулган өгүздү борозго кийрип түз бастыруу үчүн айтылган сөз; *бороз–бороз, шайтан сайган өгүз экен.*

БОРОЗДО, БОРОЗДОЙ *түнд. к.* бороз.

БОРОЙ *пам.* 1. жаан – мөндүр; *борой–борой, борой кел, towдун башын торой кел;* 2. **борой–борой** *жерг.* алай – дүлөй; *борой–борой күн жаады.*

БОРОК I *пам.* бор ойнунда утулуу; *бүгүн канча борок жедиң?;* **борок жегендей үңкүйөт** ◊ суз жүрөт.

БОРОК II *түшт.* уруунун аты; *ону ондой кылганың боло веде? – деди гочу о борок.*

БОРОКУ *ыск.* дандын арак кылып тартылып алынгандан кийинки калдыгы; *арактан калган бороку.*

БОРОЛ *түшт.* уруунун аты; *куйсаң, эй, борол, бөскө болуп калды.*

БОРООН: **бороон күптү** *түнд.* кышкы бороондо катуу суукта тердеп, бирок жылуулап жабылбай калып, чыйрыгып ооруган мал оорусу; *бороон күптү болот деди;* **ак бороон** *түшт.* кар аралашкан борошо; *жаңы тирэктир курсунда окуган балам ак бороонго калган* (сал. каз. «ак боран»); **кызыл бороон** *өзг.* эки – үч күн кар, топурактын чаңы аралаш жааган бороон; *кызыл бороон болуп турат.*

БОРОС *тяньш., чүй.* бороз, бороздо; *боростун кырына олтурду.*

БОРП: **борп–борп** *чүй.* жумшак көпшөлүңкү нерсеге (ун, талкан, чаң ж.б.) тик катуу буюмдун, буттун батып кетишин тууроо; *баскан сайын буту борп–борп чаңга бата түшөт.*

БОРПОШО *тяньш.* суулураак кылып жасалган куурдактын бир түрү; *борпошо деген ушул болот, Асан!*

БОРСОЛДОЙ *ыск.* 1. борколдой; *жук астында борсолдой* (таб. чычкан); 2. *чүй.* кашкулактын баласы.

БОРСУЛДАК *түнд.* 1. борс – борс этип күлгөн адам; 2. күчүк; *борс–борс борсулдак, торс–торс торсулдак* (таб. күчүк).

БОРТ: **бортум–бортум** *батк.* көр чычкандын жер казышын тууроо; *бортум–бортум, бортум ай, караңгыда жортум ай, жарылганча түштүм ай* (таб. көр чычкан).

БОРТКО *өзг.* бешикке тагылган жазы көкүрөк баскыч; *бортко бов борткого тагылган боолук.*

БОРТОНОЙ *атб.* 1. чыптама; *бортонойду керегенин башына илип койду* (сал. өпкө кап, өпкө тон, жеңи жок); 2. жаш балдардын эки кат, жеңи чолок жеңил кийими.

БОРУ *түшт.* уруунун аты; *мына кәттә тоодон бер йаккы тоолорду пас тоо дейвиз дейт, о бору.*

БОРУЙА *өзг., ар.* 1. камыштан токулган жерге салгыч; *шәлчәнин тәгигә салыш үчүн боруйа токудум*; 2. *өзг., суз.* үйдүн үстүнө жабылчу бооланган камыш; *боруйа кырк жылга туруштук берет.*

БОРУК I *түнд.* 1. койдун бир жаштагы эркеги (сал. токту, Памир, Жерге – Талда «борук» деген сөз колдонулбайт); 2. *жерг.* токту; 3. *чүй, тяньш.* кочкорок; 4. *ош.* шишек; 5. *суз.* кысыр калды.

БОРУК II *чүй.* 1. майда камыш; *борук камыш оргону кетти*; 2. *өзг.* жүгөрүнүн даны алынгандан кийинки сабагы; *үйдү бир тал борук менен чапкылады.*

БОРЧ *тяньш.* карыз, насыя; *дыйкандын түвү – кенч, соодагердин түвү – борч* (мак.).

БОРЧО: **кара борчо** *тоң.* 1. эч майы жок кара кесек эт; 2. эч аралашмасыз бир беткей иш; *эми эмнеге кара борчо тартышсын.*

БОРЧУН *түнд.* канаттуунун аты (сал. монг. бор «боз» чин «куш» боз куш).

БОРЧТУУ *иск.* ирдүү; *бул элден саламга борчтуусу жок белем.*

БОС I *чүй.* кездеменин бир түрү (Суусамырда айтылат).

БОС II *чүй, тяньш.* боз; *Букардан келген бос тайлак боздоп туруп суw ичет* (таб чайдөөш, аптава).

БОСКОЙ *ал.* момун, жоош; *боской адам да, шон үчүн унчукпады.*

БОСКОН *суз.* уруунун аты.

БОСКОРОО *чүй.* 1. боз кыроо; 2. кеч күз; *ал кыз боскороодо төрөлгөн.*

БОСОВОЛДУ *лейл.* сөзсүз, шексиз, албетте, баары бир; *босоволду бүгүн кой кыркымга чыгавыз.*

БОСОГО: **баш босого** *түшт.* үстүнкү босого; *баш босогону тарамыштап байлады.*

БОСТАНА *тяньш.* чымындын бир түрү; *бостананы чаап сал.*

БОСТЕК I *өзг., тал.* 1. алдыга салуу үчүн чарвы малдын терисинен жасалган орунчу; 2. алтыгат; *бостекти алдыга сал;* 3. *атб.* ун шыпыра турган шыпыргы; *бостек ал да, ундуу шыпыр* (сал. пөстөк).

БОСТЕК II *түнд.* кыргоолдун ургаачысы (сал. бос, пос «талаа» монг. тахиан «тоок». Бостек түштүк говорлордо «тус тоок, чус тоок, тала тоок», алтай тилинде «такаа», калмак тилинде «серлг така» деп аталат).

БОСТОЙ *ош.* 1. шапаюу, бозомук тартуу; *ыраңы бостойуп, көздөрү алайат;* 2. сустаюу; *бостойвостон кайткыла.*

БОСТОК *атб.* 1. суу жетпегендиктен, чөп чыкпай калган боз талаа жер; *бостоk/к/о суу чыгаравыз деп көп увара болду*; 2. *чүй.* жалгыз жаш бала; *бостоk бала камыштан бойро токуйт.*

БОСТОН *өзг.* 1. огород; *бостондун ичинде не кааласаң баары бар*; 2. *ичк., этн.* 1. уруунун аты; *ынтылат бостон уланы*; 2. жердин аты; *Бостондун мәйдән талы бар*; **бозала бостон** *жжол.* уруунун аты; *өзүнүн кандаш бозала бостон уругуна кетип калды.*

БОТАЛА *түшт.* тайлак; *төөнүн баласын ботала дейвиз.*

БОТАЛАК *түшт.* киргил суу (жаандан кийинки же пахтадан майнап болуп агып чыккан суу); *суу боталак болуп агып жатат.*

БОТКО: **конок ботко** *жерг.* акталган конокту сүткө жарылта кайнатып, сары май кошуп жей турган ботко; *конок боткого ылайык май алып түштүм;* **көчө ботко** *зам.* ак жүгөрүдөн жасалган ботко; *көчө ботко жедир;* **сүт ботко** *тал.* сүттөн жасалган кесме; *наргыны сүйрөй келип, сүт боткодон даам тат;* **ботко күйдү** *жжол.* күүнүн аты; *бул күүнү Токтогул черткен экен.*

БОТКОК *лейл.* 1. ышкын, ай балтыркан, балтыркан, чүкүрү, ат кулак, алгы, жоо дары сыяктуу өсүмдүктөрдүн ортосунан чыккан өзөгү; *чүкүрүнүн боткогу болот*; 2. *пам.* чүкүрү; *боткокту, агай ирәсә жейт.*

БОТКОКТО *зам.* боткок алуу; *үлкөн гүлдөр, боткоктоп калыптыр.*

БОТО *чүй, жерг.* бала (сейрек); *ата деген алдыңкы бейиш, бото деген алдыңкы тозок* (мак.); **бото салмай** *зам.* жоолук таштамай (оюндун бир түрү); **ак барак ботом** *түшт.* күтүлбөгөн жерден дайрага агып өлгөн жигит жөнүндөгү кошок күү; *ак барак ботомдо торпок кувалап өлгөн баланы кошот.*

БОТОВАЙ *батк., өзг.* жергиликтүү кыргыз (жергиликтүү кыргыздар өздөрүн «ботовай», ал эми түндүк райондордон келгендерди «коңковай» деп ажыратышат, бирок бул сөздөрдү өз ич ара гана айтышпаса, официалдуу түрдө колдонушайт).

БОТОВАЙЧА *батк.* жергиликтүү элче; *ботовайча сөз айт.*

БОТОЙ I *түнд.* 1. комуз күүнүн аты; *ботой эки башка деген күү бар* (бул күү: Күрөнкөйдүн ботойу Боккөтөндүн ботойу, Кудайырбекти ботойу, Чыгышпайдын ботойу, Ак баланын ботойу, Эсенамандын ботойу, Тилендин ботойу деген ж.б. ат менен бир нече вариантта чертилген); 2. кыл кыяк күүсү; **айдама ботой** колду тез күүлөп, бат черте турган ботой күүсүнүн бир варианты; **ат чуватар ботой** күлүк аттардын бир – биринен өтүп келе жатканын баяндаган күү; *ат чуватар ботой салт күүгө кирет;* **жаш ботой** жаш балдарга арналган салт күү; *жаш ботой, маш ботой деп черте берет;* **жумалак ботой** ботой күүсүнүн бир нече варианттарынын кайруулары аралаштырылып, чертилген күү; **Кереге-Таштын кербез ботойу** кербез жана ботой күүлөрүнүн негизинде чыгарылган курама күү; **чаржайыт ботой** күүнүн аты; *чаржайыт ботойду Карамолдо чыгарган дешет;* **үч ботой** элдик «ботой» күүсүнүн үч бөлүмгө бөлүп аткарылган түрү; *үч ботойду элдики дешет;* **эки ботой** комуз күүсүнүн аты.

БОТОЙ II *чүй, терг.* түндүк; *авай алтоо, ботой төртөө, төөвөй жалгыз* (таб. үзүк, түндүк, эшик боолор).

БОТОК *батк.* чочуганда айтыла турган сырдык сөз; *ай боток, этийет бол, жыгыласың.*

БОТОКОЙ *жжол. к.* ботонокой.

БОТОЛОНДО *түшт.* мойтолондо; *ботолоңдоп көпкө узай албайт.*

БОТОЛУW *лейл.* ботолуу; *ботолuw төw кезет* (таб. соку).

БОТОН *суз.* бото; *төө баласын ботонум дейт, жүк көтөргөн атаным дейт;* **ботон жәнәт** *лейл.* уруунун аты; *уста, ботон жәнәт, адалакы болуп бөлүнөт.*

БОТОНОКОЙ *жжол.* кичинекей; *ботонокой, бытыкый, ботокой деп бир эле сөздү айтат.*

БОТОШ *жерг.* 1. өлүккө келгенде кырк жаштан ашып калган аялдардын өлүк ээсинин байбиче кишисин кучактап, башына же ийнине башын тийгизип кошок – көңүл айтууда колдонулуучу сөз; *ай, ботошум, ай, шундай болуп калыптыр*; 2. чочуп кеткенде колдонулуучу сырдык сөз; *ботош, өлүп кетейин, не болуп кетти саңа.*

БОТОЧУК *чүй.* кичинекей бото; *боточугуң бергенде ачуу бекен кудагый.*

БОХАР *лейл.* **бохар бол** сак бол.

БОЧКАН *түшт.* уруунун аты; *мама каймак–мама каймак десе, мындай болот деген бочкан болавы?*

БОЧОК *өзг. к.* почок; *алманын бочогун ыргыт.*

БОЧУ *чүй.* можу; *ал бочу болот.*

БОШ I *жерг.* уйду айдаганда, кайтарганда колдонулуучу сырдык сөз; *бош, боош, чу, иттин сыйыры.*

БОШ II: **бош келвейт** *ош.* моюн сунбайт, жедирбейт; *ол кары оңой менен бош келвейт.*

БОШКОО *ыск.* илгери синьцзяндык жергиликтүү администрациянын эң төмөнкү чини.

БОШОҢ: **бошоң тап** *өзг.* мууну – жүүнү бош адам; *бошон тап сүйлөйт.*

БОШОТАЙ *түшт.* уруунун аты; *«кайсары» деген болот, онон дәри жасайт–дейт бошотайдын бүрөwү.*

БОШТОН *чүй.* бош, эркин; *бүгүн боштон эле шаарга кетти.*

БӨ: **бө–бө** *пам.* 1. итти бир нерсеге чакырганда колдонулуучу сырдык сөз; *бө–бө, кел–кел!* (түндүк говорлордо «ме – ме, күчү – күчү» деген сөз колдонулат); 2. *түнд.* бүркүттү үндөккө чакыруу.

БӨW *ал.* уруунун аты; **бөw бий** *ал.* уруунун аты.

БӨВ *батк.* бир нерсени оозго салып ойногондо айтыла турган сырдык сөз; *мәндилдин боткогун оозго салып бөв алдырат* (түндүк говорлордогу «какум – кукум кам каймак» деген сыяктуу оюн).

БӨВӘЛВӘЙ *батк.* 1. «мәндил» өсүмдүгүнүн боткогу; *мәндилдин бөвәлвәйи узун болуп өсөт;* 2. ошол боткокту оозго салып ойноо.

БӨВӨК *батк.* 1. жаңы төрөлгөн (баса элек кездеги) бала; **бөвөктүw болдуңбу?** балалуу болдуңбу (ата – энеге карата гана айтылат); 2. *түнд.* жаңы төрөлгөн кичүү ини; *бөвөгүң чоңойдубу?* (баланын ата – энесине карата эмес, ага – эжелерине карата айтылат); **кичине бөвөк** *батк.* чып – чыпалак (чыпалак); *баш бармак, бадал өрмөк, ортон оймок, ойун шимек, кичине бөвөк* (каламбур. Бул оюн беш салаага карата айтылат).

БӨВӨЧӨК *алб.* кичинекей бөвөк; *баш бармак, бадал өрдөк* (ийрек, жүрөк), *ортон оймок, ойуп* (ойуу), *чиймек, кичинекей бөвөчөк,* (чып – чыпалак, чычайган кысталак) (сөз ойну).

БӨГЖӨҢДӨ *пам.* бөжөндө; *жакшы бөгжөңдөгөн чал экен.*

БӨГӨ *батк.* арыктагы сууну тосуу, буруу; *арыктагы сүwдү бөгөп, мәкәгә сүw чегип кой.*

БӨГӨЖҮ *тал., кочк., өзб.* 1. чидер, тушоо; 2. *жерг., пам.* майда малдын буту – колунан баса алвай калган оорусу; 3. *атб.* жылкынын колун тизесинен бүгүп өткөрө турган чөөлмөк жип; *бөгөжүнү алып кел.*

БӨГӨЖҮК *атб. к.* бөгөжү; *бөгөжүк мына!*

БӨГӨЖҮЛӨ *атб.* 1. тизени бүгүп чөөлмөк жип өткөрүү; *бөгөжүлөп койуп така уруп алам*; 2. *тал., кочк., зам.* тушоо, чидерлөө; *бээ сааганда да бөгөжүлөп саайт.*

БӨГӨЙ *кашк.* түгөй; *түндүк бойу*

от жаксаң түтүн кылвай өчүргүн, бөгөйүм.

БӨГӨК *чүй, тал.* 1. ашыра тоюу; *сүткө бөгөк болуп, ичиңер өтмөк беле*; 2. *пам.* койдун оорусу.

БӨГӨЛӨК *зам.* сайгак; *бөгөлөк күн ысыгында чыгат.*

БӨГӨЛӨКТӨ *зам.* сайгакта; *пада бөгөлөктөйт.*

БӨГӨНӨК *түнд.* ысыкта малдын канын (айрыкча жылкынын мурун канын) соро турган жандыктын аты (өңү саргыч, чымын түспөл болот); *бөгөнөктөрдүн жаны жай албайт.*

БӨГӨӨ *батк.* суунун байланган жери.

БӨГӨТ I *тал.* тамдын сырткы жээги; *тамдын бөгөтү тегиз болду.*

БӨГӨТ II *өзг.* чөөт; *суу бөгөт-бөгөт болуп калыптыр.*

БӨГҮЛ: бөгүл-чөгүл *батк.* ыйбаа кыл, ийилип сыйла; *бечарэ бөгүлүп-чөгүлүп изээттээди.*

БӨГҮШ *жерг.* 1. суунун кулагы; 2. *өзг.* кол арык; *арыктан бөгүш салдык.*

БӨДӨ *жжол.* кунан быштын; *балдар бөдөгө имип жарыша турган* (к. белөw).

БӨДӨНӨ: бөдөнө чувар *ичк.* бөдөнө көп жүрүп жол болуп калган из (мындай жерлерге желе – тузак тартылат).

БӨДӨНӨБОЗ *жерг.* бөдөнөчү (бөдөнө уруштуруп ойногон адам); жерге – талдык жергиликтүү кыргыздарга бул оюн мүнөздүү эмес); *сен бөдөнөбоз болуп кетипсиң.*

БӨДӨТ *түнд.* 1. подат (орус сөзүнөн); 2. берешен.

БӨДӨТТҮК *түнд.* берешендик; *бөдөттүгүн көр мунун.*

БӨДҮР *зам.* бодур; *бөдүр-сөдүрүн оңдоп кыйналды.*

БӨЖӨ *чүй, сейр.* жөжө; *колхоз беш жүз бөжө сатып алды.*

БӨЖҮ I *өзг.* можу; *үзүлүп кеткен бөжүнү улаштырып жатат.*

БӨЖҮ II *түшт.* мөө, бөө; *бөжү келатат* (баланы коркутуу, сооротууда айтылат).

БӨЖҮ III *батк.* 1. үйрүлүп чогулуп калуу; *кәптәрләр бөжүп калат;* 2. *жерг.* качуу; *бөжүп кетти*; 3. *түшт.* чайпалып термелүү; *бөжүп бараткан жоргону кара* (сал монг. бөжиг, бүжиг «бий»).

БӨЖҮЛДӨ *жерг.* безилде; *бөжүлдөп жаны чыгып кете жаздайт.*

БӨЖҮТ *жумг.* качыр; *бөжүтүп көчөгө чыкты.*

БӨЗ *ыск.* товар, ткань; *бөздүн көркү менен мата өтөт* (сал. монг. бес, бүс «бөз»); **кара бөз** *түшт.* өлүктү кепиндегенде денени бууй турган кара чүпүрөк (аны менен өлүктүн алты жери буулат); *алты кара бөз менен бууган өлүм турбайбы!*

БӨЗӘК *өзг. к.* бөзө; *бөзәкти байлагыла, ээмп кетет.*

БӨЗДҮМБӨ *лейл. к.* бөздүрмө.

БӨЗДҮРМӨ *батк., лейл.* 1. койдун бир аз майы менен сыйрылган куйрук териси; *койду сойдум, куйругун бөздүрмө кыл*; 2. керчөө; *бөздүрмө жасады.*

БӨЗӨК *өзг., батк.* 1. музоо; *уйдун бөзөгүн эмден чыгардык*; 2. торпок; *сыйырдын бөзөгү өзүдөн кәттә.*

БӨЗЧҮ *батк.* бөз токуучу; *шол бөзчүнү алып келгиле.*

БӨЗЧҮЛҮК *батк.* 1. бөз материалын иштеп чыгаруучулук; 2. ушул кесипте иштеген адам; *атаң кимчилик-бөзчүлүк* (макал бирөөнү кемсинтүү маанисинде айтылган).

БӨЙ *суз.* чага турган жандыктын аты; *о, байкуш, бөй тийиптир* (кээ бирде «бөйү, бөйөн» деп да аталат. Чүй, Ысык – Көл жакта «кара курт» деп да айтылат); **бөй-чайандын тилин чыгар** *ичк.* коркутуп, бал тилге салуу; *бөй-чайандын тилин чыгар алып кетти.*

БӨЙДӨ *чүй.* бөөдө; *бөйдө чыгым баш жарат.*

БӨЙӨН *жжол. к.* бөй.

БӨЙӨНКАН *түнд.* улама боюнча илгери Манас баатыр чыккан тукумдун түпкү атасы; *Бөйөнкан, андан Чайанкан,Чайанкандан Нойгуткан, Нойгуткандан Ногойкан, Ногойкандан Каракан, Караканда Жакып, Жакыптан Манас.*

БӨЙРӨ *батк.* бул жак; *бөйрө деп айтат.*

БӨЙРӨК *пам.* бөйрөктүн элесин берген орнаменттин аты; *ол кештени бөйрөк дейбиз;* **бөйрөгү бүтүн чыктывы?** *батк.* семиз бекен? (беткендик ичкиликтерде карчыга бөйрөк менен бирге чыгарылат да «уча» деп аталып, эң сыйлуу мейманга тартылат. Малдын семиздиги бөйрөктү май баскандыгы, же баспагандыгы менен аныкталат); **ала бөйрөк** *түнд.* капталында ак темгили бар жандык; *ала бөйрөк уй экен;* **жолу бөйрөк** *ичк.* 1. май баскан бөйрөк; *жолу бөйрөктөн бир кесип берчи;* 2. *пам.* ичине эт майдалап салып, корго көөмп башырган нан; **үч бөйрөк** *пам.* бир эни жок теке; *кечээ Карагулдан үч бөйрөк тәкә алып келдим.*

БӨЙРӨКЧӨ *пам.* кичирээк бөйрөктүн элесин берген орнамент; *бөйрөкчө, бото көз, алма–телме, бото мойун деген кеште болот.*

БӨЙҮ *өзг. к.* бөй; *тиги боз адырда бөйүлөр эле көп.*

БӨК I *ноок.* сыздоок; *бөк жара чыгыптыр.*

БӨК II *алб.* тоонун жантайма этеги; *тоwдун бөктөрүндө кыргыздар жашап келген.*

БӨК III: **бөк** (чик, айзын, таа) **башың курт же, туw!** *жжол.* кан таламай ойунда «жыдып кал» деген мааниде айтылуучу сөз.

БӨК IV: бөк–бөк *пам.* коёндун бөжөгүн тынчтандыруу үчүн колдонулуучу сырдык сөз; *бөк–бөк десем бөжөк бөгүп калды.*

БӨК V *түнд.* аябай тоюу; *майга бөктүм.*

БӨКӨ I *өзг.* 1. ээ, кожоюн; *бир үйдүн бөкөсү;* 2. *атб.* уруунун аты.

БӨКӨ II *лейл.* өтө ашыра ичип – жеп көңүл калуу; *пышманы көп ичсең бөкөп каласың.*

БӨКӨ III *батк.* окура; *бөкө уйда болот* (түндүк говорлордо «акура» деп аталат).

БӨКӨWҮЛ *лейл., зам.* той – ашта тамак ашты тейлеп бөлүштүргөн адам; **тээр ашка бөкөwүл** ◊ жатып ичер, арам тамак, жалкоо.

БӨКӨЛ *өзг. к.* бөкөwүл.

БӨКӨЛӨК *лейл., батк. к.* бөгөлөк; *сыйырды бөкөлөк качырды* (сал. уйг. бөкөн «сайгак», алт. бөкөнөк «чиркей»).

БӨКӨЛӨКТӨ *лейл., батк.* сайгакта; *падалар бөкөлөктөп качып кетти.*

БӨКӨН *чүй.* жаныбардын аты; *бөкөн жаныбар күлүк болот экен, эмне менен кууса да, алдынан кыя өтүп, анан качат* (бул жаныбардын алдыңкы колунун туягынын ачасында колду өрдөп өпкөгө кеткен тешик түтүкчөсү болот да, анын ичиси майда түктүү келет); **кара чоку ак бөкөн** *чүй.* кыл кыяктын күүсү.

БӨКӨӨЛ *өзг., суз* 1. эт бөлүштүргүч киши; *бөкөөл келип бөлүштүрөт;* 2. *лейл.* тойдо ар бир табакка чачыла бөлүп туруучу киши; 3. *ноок.* этке артык баш тойгон адам; *бөкөөл боп кетипсиң.*

БӨКӨТ *лейл.* тамакты көп ичип – жедирип көңүл калтыруу; *жүр, бүтүн сени гоонго бөкөтөйүк.*

БӨКӨЧӨ *жжол., суз.* мокой, бөө, мөө; *бөкөчө келатат, кач!*

БӨКӨЧҮ *батк.* уйдун окурасын терип жечү канаттуу; *бөкөчү бөкө жейт.*

БӨКСӨ *лейл.* уруунун аты (бул уруу Гордой, Сумлу – Гилбо, Куру – Гилбо, Кэптэркана, Келин – Басты, Кара – Кашар деген жерлерде жашаган). *Уруу сивиргиге кирген да: кәлдәр, көчөк, он эки мама толвой болуп бөлүнүп келген.*

БӨКСӨЛӨМӨЙ *жерг.* тойдо күйөө тарап бир койду союп, бышырып келип, тойго келери менен элге таратып жиберүү жөрөлгөсү.

БӨКТӨРГӨ, БӨКТӨРГҮ *түнд.* 1. канаттунун аты; 2. *лейл.* канжыга.

БӨКҮР I *жжол., жерг.* жаштык дем, жалын, курчук; *бөкүр жаштыкта болот, зөкүр мастыкта болот* (мак.).

БӨКҮР II *ичк., түшт.* 1. өкүр; *өйдө–ылдый болуп бөкүрбө; көп бөкүрбөчү!*; 2. *суз.* мөөрө; *узун сайда уй бөкүрөт* (таб. мылтык).

БӨКЧӨ *пам.* бел кырчоо; *бел бөкчөмдөн ылдый.*

БӨКЧӨЛӨҢ *пам.* бөкчөң (тууранды сөз); *бөкчөлөң–бөкчөлөң этет.*

БӨКЧӨЛӨНДӨ *пам.* бөкчөндө.

БӨКШӨРҮЛ *жжол.* кеми, азай, бөксөрүл; *эненин бөйрөгү кантип бөкшөрүлбөсүн.*

БӨЛ: **бөл алды** *чүй.* бөлүндү, чачыранды; *күчүвүз бөл алды болот экен.*

БӨЛГҮЛҮК *ыск., чүй.* бөлүп коючулук; *бизди силерден бөлгүлүк кылбасын.*

БӨЛӨ *батк.* кынга бычак салуу; *мылтыгын ташка жөлөгөн, пычагын кынга бөлөгөн.*

БӨЛӨW I *жжол.* кушту адеп кармап тордон чыгарганда канат – куйругу сындырбоо үчүн узун жоолук же чүпүрөк менен мүрүсүнөн алып келип куйругунун учуна байлап коюу; *начар бөлөw кылыпсың эки чалгайы сынды.*

БӨЛӨW II *пам.* бөлөк, бөтөн, чоочун.

БӨЛӨГӨЧ *батк.* дайыма бир нерселерди бөлүүгө машыккан киши; *гөштү шо бөлөгөч бөлөт.*

БӨЛӨЖАН *түшт.* бөлөгө эркелеп, эркелетип кайрылуу; *жакшы көрсө бөлөжан йәм дейт.*

БӨЛӨК: **бөлөк–бөлөк** *түнд.* аралашып кеткен койлорду бири – биринен бөлүү үчүн айтылган сөз; *бөлөк–бөлөк деп койлорду бөлүп жүргүшөт.*

БӨЛӨНЧӨК *жерг.* качел; *бөлөнчөккө бөлөп койуптур.*

БӨЛӨНЧҮК *зам. к.* бөлөнчөк; *баланы бөлөнчүккө салат.*

БӨЛӨӨЧ *тал.* бешик.

БӨЛӨЧӨ *батк.* бөлөнүн баласы; *бөлөнүн баласы – бөлөчө.*

БӨЛТ *түшт.* булт – булт этүү, мөлт – мөлт этүү; *сыртка бөлт–бөлт чыга түштү.*

БӨЛТӨК I *суз.* бөлтүрүк; *бөрү баласын бөлтөгүм дейт, койду үркүткөн тентегим дейт.*

БӨЛТӨК II: **бөлтөк ата** *суз., миф.* бөдөнөнүн пири; *бөдөнүн атасы – бөлтөк ата.*

БӨЛТҮРКӨН *лейл.* бөлтүрүк.

БӨЛТҮРҮК *батк., лейл., чатк.* уу чөптүн бир түрү; *талааларда бөлтүрүк өсөт* (чекендеге окшош болот, мал жебейт).

БӨЛҮМЧҮ *суз.* бир нерсени теңдеп бөлүштүргүч адам; *бөктөргө болду бөлүмчү* (сал. бөкөөл, бөкөwүл).

БӨЛЧҮ *өзг.* бир нерсени бөлүштүрүүгө маш киши; *бөлчү–бөлчү, бөлчү болсун; бөдөнөдөн сакчы болсун, кумга койуң жайылсын, күйрук менен боор же, жакканың арча болсун, жамынганың барча болсун* (бул алкоо сөзү рамазанда бир нерсе берилгенден кийин айтылган).

БӨНӨЧӨК *өзг.* сүт саай турган идиш.

БӨҢГҮ *түшт.* мөңгү; *кийик бөңгүгө чыгып кетти.*

БӨНКӨ I *зам.* банка; *бөнкөгө суw куй.*

БӨНКӨ II *батк.* буханка; *шаардагылар бөнкө нан жешет.*

БӨӨ *пам.* 1. чаяндын бир түрү; *бөө чакканда әдәм ыйыкпайт*; 2. *ыск.* балдарды коркутууда колдонулуучу сырдык сөз; *бөө келатат, тыныч!* (сал. бей, бокой, бокочо, мокочо, мокой); 3 *ичк.* найман уруусунун бир тобу; *наймандын бөө уруусунан үч киши алат.*

БӨӨЙ: **бөөй эмчек** *жерг.* бээ эмчек.

БӨӨК *жжол.* 1. бөбөк; *бөөгүңдү сооротуп кой*; 2. *түшт.* жердин аты.

БӨӨН I *тал., ар., лейл., тяньш., ккырг., ичк., чүй.* 1. мөөн; **бөөн ичеги** *чүй.* мөөн ичеги; *быжыны бөөнгө салып боордон жасайт*; 2. *пам.* мөм, жоош, момун; *жамандан жаан, жакшыдан бөөн туулат* (мак.); 3. *пам.* соргок; *ичек–карды жок бөөн;* **бөөнүң бөскө** ◊ *батк.* ачка; курсагында эчтеке жок; *бөөнүң бөскө бара алвайсың.*

БӨӨН II *жерг. к.* бөй; *бөөн чактывы?*

БӨӨРҮ *пам., жерг. баткч. к.* 1. бөрү; *жеген бөрү булуңда, жевеген бөөрү кувгунда* (мак.); 2. чакмак таш ойнундагы бир фазанын аты; 3. *пам.* ордо ойнунда оюнчулар эки жакка бөлүнгөндөн кийин бир киши эки жакка кошулбай өзүнчө калганы; **бөөрү көрвөс** *баткч.* 1. эки жагы тик буйткулу бар тоонун ичи; 2. жердин аты; **кичине бөөрү** *пам.* чакмак таш ойнундагы фазанын аты; **көгөнчү бөөрү** жалаң гана козу – улак жеп калган бөрү; **көк бөөрү** 1. карышкыр; 2. *акт.* улак тартуу ойну; **чийә бөөрү** *зам.* бөрүнүн бир түрү; *чийә бөөрүнү илгәри көп көрөр эдек;* **чоң бөөрү** *пам.* чакмак таш ойнундагы бир фазанын аты (к. чакмак таш 28); **чөw бөөрү** чөө; *чөw бөөрү топтову менен жүрөт;* **чөw бөөрүдөй чувулдайт** ◊ тынчтык бербейт; **шагал бөөрү** жалгыздап жеке жүрүүчү бөрүнүн бир түрү.

БӨӨРҮЛҮК *пам.* 1. бөрүсү көп жер; 2. жердин аты; **жол бөөрүлүк** *пам.* 1. карышкыр жүргөн жол; 2. жердин аты.

БӨӨСҮН *кочк.* макоосун; *бөөсүнбөй эле кой*!

БӨӨТ ЖОЛ *пам.* кичине, чолок, ичке жол; *бөөт жол менен качып жөнөйт.*

БӨӨЧҮ *суз.* 1. бөө жандыгынын кичикеси; 2. мокой; *бөөчү келатат.*

БӨӨЧҮЛ *пам.* коркок; *байдын баласы бөөчүл* (мак.).

БӨӨШ I *батк.* 1. билип туруп билмексен, көрүп туруп көрмөксөн болгон арам киши; *бөөш киши көрүп туруп көрмөксөн болот;* 2. *ноок.* жоош, момун; 3. *өзг.* анткор, кытмыр; *бөөш болуп жатат.*

БӨӨШ II *түшт.* бөөт – бөөт, тарам – тарам.

БӨӨШСҮН *батк.* кытмырлан; *тагаларың менен, бөөшсүнбөй эле сүйлөшсөң, әтейи сен деп келгенден кийин.*

БӨӨШТӨН *өзг.* билмексен болуу; *дегеле бөөштөнүп калат, жашабагыр–деп сүйлөндү.*

БӨПӨ *өзг.* 1. сырдык сөз (баланы эркелетүүдө айтылат); 2. *өтм.* кичинекей, эрке, боор күчүк; *менин бөпөм го* (көбүнчө аялдар айтат); 3. *пам.* суусундук үчүн ичиле турган суюк нерсе; *бөпөгө сувсун канды;* **бөпө кыйтуу** *өтм.* арамдык, митаамдык; *бөпө кыйтуусу жок киши.*

БӨПӨЙЛӨ *ыск.* бөпөлө; *анын эмнесин бөпөйлөп калдың дедик.*

БӨРК *түшт.* 1. эркек баланын баш кийминдеги кисточка; 2. *түнд.* баш кийим (тебетей. Бул сөз байт «баш кийим, калпак» деген мааниде айтылган); **бара бөрк** көрпө тебетей; *бара бөрк жасатып бер дейт;* **кокон бөрк** *түнд.* 1. өзбек формасында тигилген баш кийим; 2. *өтм.* самоордун калпагы; *башына кокон бөркү куп жарашат* (кээде «кокон телпек» деп да аталат); **түргөн бөрк** *чүй.* кыры ичине келип кайрылып жасалган тебетей (көбүнчө казак элине жакын айылдарга айтылат).

БӨРКӨНЧӨК *чүй.* самоордун түтүнүн өчүрө турган капкакча; *суусу болот койнунда, бөркөнчөгү болот мойнунда.*

БӨРӨГҮ *лейл.* мына ушул; *бөрөгү жан кайдан келген адам экен?* (Таласта «моогу, муногу», Ысык – Көл, Кочкор жакта «мову, бову, маву» болуп айтылат).

БӨРҮ *жерг.* кандай кыйынчылык, оор иш болсо да, аны жеңип чыккан адам; **бөрү жатыш** *түнд.* адамдын денесине бүдүралакай болуп кычыштырып чыккан оору (бул ооруну айыктыруу үчүн илгери карышкырдын терисин жаап, өтү менен боорун же тырмагын бөрү жатышка сыйпап, чүкөсүн бешикке тагып коюшкан. Жаңы төрөлгөн балага, эгер табылса, карышкырдын шилекейин берип оозандырган. Мында бала баатыр болот деп ойлошкон. Аш казан ооруганда бөрүнүн өтүн эзип ичүү жөрөлгөсү болгон. Ууруну кармоо үчүн карышкырдын тарамышын дубалап отко салса, ууру тырышып калат деп эсептешкен. Көк бөрү катары тартылган улактын этин талап, сорпосун көпчүлүк бөлүп ичишкен. Аны дары болот деп ойлошкон. Ошондой эле адамга, урууга «бөрү, аксак бөрү» деп ат коюшкан); **бөрү кармоw** *зам.* бөрүнү адегенде бир жаңсыл кууп (анткенде анын мойну бир жагына кыйшайып калат имиш, кийин экинчи жагына чыгып кууганда да ошол мурунку кыйшайган жагы менен кача берет имиш) чаап алуу жөрөлгөсү; **бөрү коймой** *жерг.* чакмак таш ойнунун бир фазасы; **бөрү ойнок** *зам.* 1. бөрүнүн бөлтүрүктөрүн куу баш тоголотуп, же куушуп, тиштешип ойнотушу; 2. тоо арасында туш тарабы ээи чокулуу кыр (мергенчилердин байкоосуна караганда бөрүлөр ушундай жерлерге тууп, бөлтүрүктөрү чоңойгондо куу баш тоголтуп ойнотот); 3. жердин аты; *Бөрү–Ойноктун кырына чыкпайсыңбы;* **дең бөрү** *ыск.* карышкырдын бир түрү (эң зыянкеч, жуткуч бөрү).

БӨРҮГӨЙ *атб.* оюндун бир түрү.

БӨРТ I *батк.* өсүмдүктүн гүлдөрүнүн ачылып келе жаткан учуру; *байчечекей бөртүп калды.*

БӨРТ II *чүй.* камырдын бириге элек майда тогологу; *суу куйсам камырым бөрт–бөрт болуп калды.*

БӨРТ III *чүй.* орто аралык; *катагандын карт Манас, Бөкөй хандын бөрт Манас, Жакып хандын жаш Манас.*

БӨРТ IV *чүй.* шам – шуң этүү; *этти бир топ бөртүп чыктым.*

БӨРТМӨ I *акт.* тамактын аты (тарууну көптүрүп жарылта кайнатып, анан ага сары май куюп жасайт); *ай, байбиче, тур, бөртмө жаса дептир.*

БӨРТМӨ II *ыск.* жоолуктун бир түрү; *кара бөртмө жоолук салынат.*

БӨС I *суз.* без; *этинде бөс болот.*

БӨС II *тяньш., чүй.* без; *бөс сураса шай берген.*

БӨС III *кашк.* аз, тоз; *жалгызым деп жүрүп бөзүп кетти.*

БӨСКӨР *ичк.* бөксөр; *о йам бөскөрүп калган.*

БӨСКӨК *ичк.* бөскө; *чака бөскөк экен.*

БӨСТЕ, БӨСТӨК *суз. к.* бостек; *апам бөстек жасады.*

БӨТӨ *лейл.* жибек кур.

БӨТӨГӨ *кашк.* кичине, жаш; *ал азыр бөтөгө;* **кара бөтөгө** *кочк.* ◊ чоңоюп эс тарткандык; *кара бөтөгө болуп үйүр алды.*

БӨТӨГӨЙ *кашк.* кичинекей; *анын бөтөгөй баласы бар.*

БӨТӨГӨНӨ *өзг.* бөтөгө.

БӨТӨЙ *чүй.* комуз күүсүнүн аты.

БӨТӨКӨ, БӨТӨКӨН, БӨТӨКӨНӨ *түшт.* бөтөгө; *тооктун бөтөкөсүн жууп келчи.*

БӨТӨКӨЙ *түшт.* бөйтөгөй; *бөтөкөй кыздар менен балдар.*

БӨТӨЛӨК, БАТӨЛӨК, БАДӨЛӨК *тяньш.* потолок; *үйдүн бөтөлөгү түшөйүн деп турат.*

БӨТӨНӨ *жерг.* бөдөнө; *бөтөнөнү халтага салып алыптырлар.*

БӨТҮК I: **чач бөтүк** *батк.* чач учтук; *чач бөтүгү кана?*

БӨТҮК II *зам.* кутуке уруусунун бир бөлүгү, шагы; *бөтүк деген шагы вар.*

БӨФ: **бөф–бөф** *пам.* сырдык сөз (итти чакырганда айтылат).

БӨФҮ *түнд.* жийиркенүү, жактырбоону туюндуруучу сырдык сөз; *бөфү, эмне жыттанып кеткен.*

БӨЦӨ *баткч.* баланы коркутуу үчүн айтылуучу сырдык сөз; *кой, энди укта, эшикте бөцө жүрөт.*

БӨЧӨ *батк.* мокочо; *эшиктен бөчө келет;* (баланы коркутканда айтылат).

БӨЧӨЙ I *батк.* бөө, мөө; *бөчөй жүрөт, үн катпа.*

БӨЧӨЙ II *батк.* бөжөйүп коркуу; *бөчөйүп бүрүшүп отурат.*

БӨЧӨК I *өзг.* 1. жүгөрүнүн али ката элек жаш кези; *атыңды жүгөрүнүн бөчөгүнө бак деди;* 2. *жжол. к.* почок; *анделектин бөчөгүн жерге таштаба.*

БӨЧӨК II *түнд.* эгин басып же жүн кыркып жаткандардын жанына келип, алкоо айткан кишиге сый үмүттөтүү жолу менен ырымдап бир аз эгин, жүн берүү жөрөлгөсү (алган адам кийин кандайдыр бир нерсе берип сыйлайт, ал «өвөлгө» деп аталат).

БӨЧӨН *жжол.* илгерки уруунун аты; *бөчөн бокойдон, бокой мырзакеден, мырзаке сәтиштен, сәтиш баргыдан.*

БӨЧӨНӨ *батк.* маңыз, дан; *дәнәктин бөчөнөсү болот.*

БӨШКӨРҮК *чүй.* уруунун аты; *оң жагыма жыгылсам бөшкөрүтүм бар, сол жагыма жыгылсам маакем бар.*

БУW *ичк.* буу; *күйүтүнө бел буwган.*

БУWГУ *жерг.* муунуу, дем кыстыгуу; *мен буwгуп калдым.*

БУWГУЧ *пам.* 1. бутту кызыл ашыгынын жогор жагы; *кар буwгучтан жаайт;* 2. *батк.* пайтаваны орой турган жип; *буwгучтар жүндөн жасалган.*

БУWДАЙ *ичк.* буудай; буwдай эгип пышырып жейт эде; **ала бөйрөк буwдай** *зам.* буудайдын бир сорту; *ала бөйрөк буwдайдын бир жагы ак, бир жагы кызыл болот;* **арпа буwдай** *суз.* даны кызылыраак, кылкандуу буудайдын сорту; *ак буwдай, кара буwдай, арпа буwдай өсөт;* **аштаркан буwдай** *батк.* түсү тор ала, уну ири, наны таттуу келген буудайдын сорту; *аштаркан буwдай пышып калды;* **бээрги буwдай** *жерг.* жаздык буудай; *бээрги буwдайды эгет;* **дасери буwдай** *тал.* үч пуд буудай; *кой кайтарганына дасери буwдай алмак болду;* **жоwдор буwдай** *батк.* даны ичке каралжын келген буудайдын

сорту; *жөwдөр бүwдай аз болот;* **кәл бүwдай** токол буудай; *кәл бүwдай кызыл болот;* **кәлләк бүwдай** токол буудайдын дагы бир түрү; *кәәлләк буудайдын даны кыпкызыл болот, кылканы боолвойт;* **нурә бүwдай** өңү жылмакай жалтырак келген буудайдын сорту; *нурә бүwдайдын даны жакшы;* **сүлү бүwдай** *зам.* кара буудай; *сүлү бүwдай ничке келет;* **тирәмойи бүwдай** *жерг.* күздүк буудай; *тирәмойи бүwдайды күздө әйдәйт;* **чаркыра бүwдай** буудайдын бир сорту; **урук бүwдай** *жерг.* үрөндүк буудай; *урук бүwдай деп койот.*

БҮWЛҮК *пам.* 1. тоңуу; *борошо уруп койлор буюлукту;* 2. *ыск.* ичтеги демди чыгара албай туталануу; *бүwлүгүн ары–бери урундү.*

БҮWМА *зам.* тамак оорунун бир түрү; *Кавыл бүwмадан өлгөн.*

БҮWМАК *жерг.* мешок, каптын буулган жеринен жогорку тутам бөлүгү; *бир бүwмак, эки бүwмак кылып бәйлә.*

БҮWНАК *пам.* шамалбактын жипчелерин бекитип туруучу муунак – муунак болгон күмүш жасалга.

БҮWРА *жерг.* буура; *төwдүн бүwрасы жакшы, адамдын түwрасы жакшы* (мак.); **кара бүwра чөк–чөк** *жерг.* күүнүн аты; **чөвкән бүwра** *жерг.* беш жаштагы буура.

БҮWЛ *жерг.* буул; *караңгы үйдө бели бүwүлган кәмпир жатат* (таб. шыпыргы).

БҮWҮН *пам., тал., зам., жерг.* 1. муун; *бүwүн–бүwүн жанывар, бүwүнүп турат жанывар, өwзү–мурдун түк басып, ийрилип турат жанывар* (таб. жүгөрү); 2. *жерг.* өсүмдүктүн аты; 3. *пам.* чач боого тагылуучу тоголок жалтылдак кооздук; 4. үйдүн дубалынын муун – муун бөлүгү; *үйдүн бир бүwүну бүтө элек;* **беш бүwүн** *пам.* чикиттин баласын буттун манжаларынын үстүнө коюп, анан өйдө серпип чабуу фазасы; *беш бүwүн чапкан сен эдең, каалгып баскан мен эдем.*

БҮWҮНҮ *жерг.*, муунуу; *бүwүнүп турат.*

БҮWҮЧҮ *зам.* муунтма; *бүwүма–таңдайды бүwүчү жара.*

БҮВ *чүй.* буу; *башымды бекем бүвайын.*

БУВА II *өзг., батк.* ата – баба; *бувалардан калган насаат.*

БУВА II *түшт., терг.* ай; *он эки бува, отуз шак, он беши кара, он беши ак* (таб. 12 ай, 30 күн, 15 жарык, 15 карангы).

БУВА III *өзг.* жылкынын ийри такымынын ички бети шишип, арткы бутунан аксап ооруган оору (аттын бул оорусу; жел бува, таш бува болуп экиге бөлүнөт. Жел бува оорусун жарганда сары суу чыгат, аны айыктырып алууга болот. Таш буваны жарганда эчтеке чыкпайт, андай малды союп коюшат).

БУВАЗА *өзг., лейл.* бооз; *быйыл койдун баары бувааза.*

БУВАЗЫ *лейл.* боозу; *быйыл эрте бувазыды.*

БУВУРМАК *жерг.* тармал чач; *бувурмак кара чәчиңә.*

БУГАМЫР, МУГАМЫР *лейл., батк.* 1. куу, айлакер, митаам, амалкөй; *бугамыр тумшугунан илинет* (мак.); 2. *пам.* өз ишине камкор, тыкан адам.

БУГАМЫРЛАНБА *батк.* анткорлонбо; *билип туруп бугамырланба.*

БУГДАЙ *лейл.* буудай; *жазгы бугдай, күзгү бугдай.*

БУГЖУЙ *кочк.* моюн – башы эткээл келип, курсагы дардайып, моюн эти жыйрылып, кат – каттанып

туруу; *бугжуйган буурул чач киши отурат.*

БУГОЗДОК *лейл.* мууздоо.

БУГУ: **он болуш бугу** *иск.* XVШ *к.* экинчи жарымында көл айланасындагы бугу уруусунун он болушка бөлүнүшү; «*падышам» көзүңдүн тирүү чагында он болуш бугу жем болгон;* **бугунун ооз чайкоосу** *түнд.* эң адепки жааган кар;

БУГУЗДА *зам.* муузда; *койду бугуздап жүгөр.*

БУГУЛА *ал.* бугуга аралашып кетүү же бугуга мергенчилик кылуу; *алты аркарга баш болуп, ай мүйүз теке мен болуп, бугулап кетсем кантесиң?!*

БУГУН: **кара бугун** *зам.* күрүчтүн бир түрү (дебжарадан кичирээк, өңү кызгылт болот).

БУГУЧ *батк.* кызыл ашыктан жогору чокойдун боосуна тартыла турган жер; *кар бугучтан жаап койду.*

БУГУЧУ *түшт.* 1. бугуга аңчылык кылган адам; 2. бугу өнүүгө көнүккөн ит; 3. бугусу бар жер.

БУГУШ I *пам., эск.* 1. булгаарыдан тигилген өтүк; *булгаарыдан бугушум әзиз путтан чечти;* **көкчү бугуш** 2. тери ийлеп, териден ар кыл нерсе жасаган адам; 3. *тар.* найман уруусунун бир тобу.

БУГУШ II *чүй.* алыш, күрөш, чапчыш; *бугушуп терек жыгышкан.*

БУГУШКАН *чүй, терг.* аюу.

БУДА *чатк., ккырг.* мында, мунда.

БУДАЙ I *ичк.* буудай; *будай пышты, эртеге орулат; үйүңө будай толгур* (какшык). ◊ *жерг.* үйүң күйгүр (өкүнгөндө да айтылат).

БУДАЙ II *чатк.* мындай.

БУДАЙКЕР *лейл.* буудай жакшы чыгуучу жер; *ол жер будайкер.*

БУДАН *чатк., ккырг., тал.* мындан; *будан гийин быйака кегембиз.*

БУДАКА *чатк.* мындай; *будака иш кылвай жүр.*

БУДАР *өзг.* шок; *бу далавыз жүдө будар болду.*

БУДАЧА *тал., сейр.* мындайча (сал. адача).

БУДОW *жжол.* 1. ыңгайсыз, ылайыксыз, шартсыз; мүмкүчүлүгү жоктук; *менин алдымда будоw болуп, ал иш аткарылвай калды;* 2. *лейл.* таңыркоо; *буту будоw боло деп бухара така кактырган.*

БУДУҢ *кочк.* алай – дүлөй, уйгу – туйгу; *булут ойноп, куйун кутуруп, будуң болуп өңүрөйт.*

БУДУҢГУЙ *өзг.* көксөө, кусадар; *жыл сурасаң жылым үң, өзүн кылдың будуңгуй.*

БУДУР I *пам.* кочкул кызыл; *бугудан кылган сары шым будур ала кан кылдың.*

БУДУР II *пам.* тоо текенин мүйүзүндөгү ача бутак; *эки будур бир жашты билдирет.*

БУДУРМА *жжол.* 1. аялдар белге байлана турган нерсе; *будурма байлап белине бурулуп чыгат үйүнөн;* 2. *жерг.* көйнөктүн бир түрү; *будурма көйнөк кийип буралат.*

БУДУРМАК *жерг.* 1. будур – будур келген тоо жери; *будурмактын жети аркар буруп алсам кантесиң?!;* 2. тармал; *будурмак кара чәчи бар.*

БУЖУГУН *лейл.* 1. бужугур; *пистәни бужугуну;* 2. *батк.* тамак ооруга дары катары колдонулуучу нерсе; *towgon бужугун терип келдим; эзип ичир.*

БУЖУГУР *ал.* быжыгыр (сал. бур. буржугай, буржаагай «быжыгыр»).

БУЖУР *зам.* чүкөнүн же даректын быдырала жери; *ашыктын бир жагы бужур болот.*

БУЖУРМА *жерг.* картаң аялдар кие турган көк жашыл түстөгү көйнөк.

БУЗГАКЫ *жерг.* бузуку; *бузгакыдан жаман көргөнүм жок.*

БУЗГАЛАҢЧАЛЫК *пам.* басмачылык; *бузгалаңчылык жылы келген.*

БУЗГУЛУК *ыск.* бузуучулук; *эми муну бузгулук кылбасын.*

БУЗОW *зам.* 1. музоо; 2. торпок.

БУЗУК I *тоң.* челектин ичине туруп калган кебер; *эзели курчанганын чечпеген, ичинен бузук кетпеген* (таб. челек).

БУЗУК II *алб.* 1. эки суунун кошулган жери; *бузуктун төвөсүндө мазар бар;* 2. жердин аты; *Бузукта жалтаң таш бар.*

БУЗУЛЧААК *тяньш.* тез – тез бузулуучу нерсе; *өзү ошондой бузулчаак.*

БУЙ *пам.* 1. зериккендик; *үйдө кечке отуруп буй болдум;* 2. *түнд.* бир ишке чамасы келбей чарчап айла кетүү; *балдар ыйлап жанымды буй кылды.*

БУЙАК *жерг.* бу жак, быйак; *ойоко өтөт зуw–зуw, буйака өтөт зуw–зуw* (таб. аары).

БУЙАЛ: **айал–буйал** *к.* айал.

БУЙАМА *түнд.* шай, чакты, чама; *териштирип отурганга буйамавыз келген жок.*

БУЙАН: **айаң–буйаң** *тал.* шапа – шуп, ана – мына дегиче; *айаң–буйаңга келбей жөнөп кетти.*

БУЙГА *жерг.* уруунун аты; *буйга, жүк артпа уйга* (лакап).

БУЙГАТ *түнд.* далдаа жер; *кичине буйгатка кире бердим.*

БУЙГОО *ош.* далдаа; *буйгоого чакырып бир аз сүйлөштү.*

БУЙГУ *акт.* имерилген буйтка жер; *түрмөктөлүп кум чайкап буйгуларга бурулган.*

БУЙГУТ *кочк.* эч ким байкабаган көмүскө, далдаа жер; *буйгут жол менен келген көрүнөт.*

БУЙДААЛЫ *лейл.* уруунун аты.

БУЙДАЛА *зам.* тармалдоо; *чачы буйдаланып калыптыр.*

БУЙЕК *тал. к.* буйак.

БУЙЕТ *кетм.* бу жер.

БУЙЕТТЕ *ал.* бул жерде; *энди мен буйетте адамдарды ишке жумшайм.*

БУЙЛА I *түнд.* 1. эки тоонун ортосундагы кемирчек; *буйласы жырылып калган тура;* 2. төөнүн, өгүздүн буйласына өткөрүлгөн жыгач; *төөгө буйла такчу экен;* 3. *ичк.* чигененин кочкоректирин башына туурасынан өткөрүүчү жыгач; *чигенеге буйла салгын;* 4. *тяньш.* ийиктин көзүндөгү чий.

БУЙЛА II *пам.* уруунун аты; *буйла экенсиң «кул менен куда болсоң – аш менен буламык» деген мәтәлиңден билдим.*

БУЙЛА III *к.* ала 1.

БУЙЛАКЕ *пам.* 1. төөнүн буйласына байланган жип; 2. *тар.* уруунун аты.

БУЙЛАЧЫК *түнд.* 1. үстүнкү эриндин орто жериндеги ылдый кеткен чуңкурча; 2. кичине чүлүк; *кара өгүзгө салбасак болвойт.*

БУЙЛОО *өзг.* ийик саптын жип өткөрө турган жери; *ийиктин буйлоосу сынып калыптыр.*

БУЙНАК *пам.* тоголок келген күмүш шыңгырак кооздук.

БУЙПАЛА *түшт.* уйпала; *чий арасына буйпалашат.*

БУЙРА *чатк.* буура; *буйраны айдап келет.*

БУЙРАК, БЫЙРАК I *пам.* килең куйрук; *буйрагы саз экен.*

БУЙРАК II: **айрак–буйрак** *к.* айрак.

БУЙРУСУН *чатк.* буурсун; *эшектин буйрусуну кичине болот* (түштүк райондордо эшекке ылайыкталаган кичине буурсундар да болгон).

БУЙРУТМА *лейл., жерг., өзг.* заказ кылып жасалган нерсе.

БУЙСАМ *түшт.* буйдам; *буйсамга келтирвей бурдайм.*

БУЙТУК *ыск.* чалыштоо; *бутумдун буйтугуп чалдыкканына каравадым.*

БУЙУК *батк.* 1. үшүү, муздоо; *буйугасың, кийинип ал*; 2. *түнд.* кышкы катуу бороон – чапкында жолдон адашып кетүү.

БУЙУМЧА *нар.* майда – чүйдө буюм; *өлчөөгө мүмкүн болвогон буйумчалар.*

БУЙУРТМА *өзг., лейл.* 1. атайын заказ менен жасалган буюм; *Фатиманын сөйкөсү буйуртма экен;* 2. атайын заказ кылуу; *бир чапанды буйуртма кылса, бир күндө бүтүшү мүмкүн.*

БУКА *чүй.* 1. илгерки кара мылтыктын пистонун от алдыруу үчүн колдонулган шиш темир; *бука менен пистонду от алдырган*; 2. *ичк.* тейит уруусунун бир тобу; **бука ачар** *пам.* букачар; **бука тартыш** *жерг.* оюндун аты; *бука тартыш кыргыз, тажик арасында тараган* (бул оюнда адамдар эки топко бөлүнүп, анан алардан эки киши чыгып моюндарына жип салышып, аны алааларынан өткөрүшүп, өрмөлөп, төрт колдоп бири – бирин сүйрөшкөн. Моюн менен такымга жоолук коюп, тегереги 5 – 10м. келген жерди чийин кылып айланта сызышып, ошондон чыгара сүйрөшкөн. Ким чийинден өткөрө тартып сүрөсө, мөөрөй ошонуку болгон. Кээде ал «топок тартыш» же «гүсөлөкөшөк»деп аталган); **бука түрүш** *пам.* балдардын ойнунун бир түрү (эки бала төрт аякташып, бири – бирин сүзүп түртүп ойноо); *бука түрүш ойнойлук;* **боз бука** *батк.* өсүмдүктүн аты; *боз бука койду семиртек;* **кэл бука** *жерг.* мүйүзү жок бука; *кэл буканы айдап ке;* **кет бука** *түнд.* күүнүн аты; *кет бука элге белгилүү комуз күүсү* (бул күүнүн түндүк райондордо алты – жети варианты бар. Легенда боюнча илгери бир хандын баласы аң улоого барып, талаада аны кулан тээп өлтүрүп коюп, келбей калат. Ошол кабарды бир комузчу күү менен баяндайт. Бул күүгө байланыштуу хандын аты – Айхан, комузчунун аты – Бука деген адам болгон деп айтылат. Кээ бирөөлөр аны – Чыңгыс хан дешет. Күү Чыңгыс хандын улуу уулу Жучи өлгөндө чыккан дешет. Кыргыз фольклорунда бул күү ыр менен аткарылган деп эсептелинет. Эл ичиде ырдын төмөнкүдөй эки текст жолугат. Биринчи текст:

«Алтын боолуу ак шумкар,
Күмүш боосун тытыптыр,
Айды карап сызыптыр.
Күмүш боолуу көк шумкар,
Күмүш боосун тытыптыр,
Күндү карап сызыптыр,
Ал эмне болуучу?
Туу түбүндө көк бука,
Күндү карап өкүрөт.
Алчагай мүйүз ак эркеч
Айды карап бакырат
Бул эмне шумдугу?
Асманда булут сөгүлөт.
Аяктап мөндүр төгүлөт,
Көктөн көк ала булут сөгүлөт
Көнөктөп мөндүр төгүлөт.
Бул эмне шумдугу?
Чынгыс хандын жообу:
Алтын боолуу ак шумкар,
Алтын боосун тытканы,
Айды карап сызганы,
Ал кулунум ботом болгону.
Күмүш боолуу көк шумкар,
Күмүш боосун тытканы,
Күндү карап сызганы,
Бул кулунум ботом болгону.
Култук мүйүз көк бука,
Туу түбүндө өкүрсө,

Ал атасы болгону.
Алчагай мүйүз ак эркеч,
Айды карап бакырса,
Ал эмнеси болгону.
Асмандан булут сөгүлсө,
Аяктап мөндүр төгүлсө,
Көк ала булут сөгүлсө,
Көнөктөп мөндүр төгүлсө,
Көзүмдүн жашы болгону деп,
Чынгыс хан ачууланып:
Кет, кет, кет, Бука,
Кеби жаман, ит Бука.
Сенин айтар кебиң бул эмес,
Менин угар кебим бул эмес деп,
Бука ырчыны багылган арыстан, жолборсо таштап жиберерде Бука ырчынын айтканы:
Кыздары соккон кыялдай,
Кылыгы жакшы, ай, ханым,
Келиндер соккон кестедей.
Кеби жакшы, ай ханым.
Элчи менен ырчыга
Хан алдында кай өлүм?! –
дегенде Чынгыс хан ачуусунан кайтып, ырчыны өлтүргөн эмес».

Экинчи текст:
«Туу куйругу бир кучак,
Тулпар качты, Айганым.
Туурунан бошонуп,
Шумкар качты, Айганым.
Алтын така, күмүш мык.
Дулдул качты, Айганым.
Алтын ордо багынан,
Булбул качты, Айганым.
Деңиз толкуп, чайпалып,
Көл бөксөрдү, Айганым.
Терек түптөн жулунуп,
Жер бөксөрүү, Айганым.
Ала – Тоо кулап бас болуп,
Бел бөксөрдү, Айганым.
Берекелүү нур качып,
Эл бөксөрдү, Айганым.
Төрөлөрдүн уругунан,
Төл бөксөрдү, Айганым.
Агын дайра соолуп,
Көл бөксөрдү, Айганым.
Кара жандан таптаттуу,
Ынак көчтү, Айганым.
Касиеттүү башкача,
Чырак өчтү, Айганым.
Айгандын жообу:
Кет, кет, кет Бука,
Кеби суук, ит Бука.
Карап турган кашымда,
Кашың да курсун, ит Бука.
Күү менен сүйлөгөн,
Сөзүң курсун, ит Бука.
Комуз чертип ырдаган,
Ырың курсун, ит Бука.
Кара жанды кашайткан,
Чырың курсун, ит Бука.
Атайы келген алдыма,
Ишиң курсун, кет Бука.
Түшүң курсун, кет Бука!); **көк бука** *чүй. к.* уйум туwду; **көл бука** *акт.* жандыктын аты; *көлдө өкүрөт көл бука.*

БУКАЛЫК *пам.* топоздун киндигинин тушуна жүнү атайын кыркылбай калтырылган белги (бул жүн өтө узарып жерге тийип калган кезде топоздор ал букалыгын басып алып бири – бирин сүзүшө албай токтоп калышат).

БУКАРТ *түшт.* бухара; *букарттан качкан маймыл экен.*

БУКАРЫ *ош. к.* 1. гажары («букары» деген термин Оштун түндүк жак тарабына тараса, «гажары» деген термин ичкиликтерге тарган. Казак тилиндеги говордо «бухар терү» деп айтылат). 2. *өзг.* жүндөн колго токулган таар; *илгери букарыдан чепкен кийчү элек;* 3. *тал.* тамдын бооруна кооздук үчүн илип коюуга түр салынып согулган таар.

БУКАЧА *батк., зам.* букачар; *гунаажын көзүн сүзбөсө, букача нашын үзөвү?* (мак.).

БУКТА, ПУКТА, ПУХТА *жерг.* 1. *ыкчыл* (сал. пухта, пухта «чыйрыл,

бышык, жетик»); 2. *чүй.* тамыр – өзөгү, бутагы имерилип – чимерилишкен, чырмалышкан, жарууга кыйын отун; *жарылганга букта экен, кыйын болуп жатат*; 3. *чүй.* тайган.

БУКТУРМА III *түшт.* жашына тургандай далдаа жер; *түндөсү бүктурмада болушат.*

БУКТУРМА IV *чүй.* бүркүт, кушка үйрөтүлгөн амал, ык.

БУКУРСУН *кашк.* буурсун.

БУКЧУГУЙ *кашк.* булчуйган семиз; *букчугуйга чачыкты берип кой.*

БУЛ I: **бул эле бекен?** *жерг.* ушул эле бекен; *бул эле бекен деп бәгзәлгә кирдим.*

БУЛ II *түнд.* кездеме, мануфактура; *ийй, дүкөндө бул деген жайнап турат* (сал. каз. диал. бул. Түштүк говорлордо «товар» деген сөз колдонулат); **бул жайды** *түнд.* көпчүлүккө сыйга түшкөн, же жаңы келген келиндин алып келгендерин жипке илип көрсөтүү жөрөлгөсү.

БУЛА: **ак була** *түнд.* пахтанын кебези; *ак буладай эле кийиз экен.*

БУЛАК: **булак сууга түш айтат** *суз.* адам коркунучтуу түш көргөндө таң ата электе булак суунун жээгине чөгөлөп алып, жаман түш түн менен, агын булак менен кетсин деп түшүн айткан жөрөлгө; **баш булак** *жумг.* 1. чоң суусу көп булак; 2. бир нече майда булактын бир жайдан агып чыккан башталма жери; *баш булакта турнанын үнүн угат*; 3. жердин аты; **зил булак** *жерг.* 1. оргуп, атырылып чыккан булак; 2. топонимикалык ат; **зилзилә булак** *жерг.* 1. жер титирегенде пайда болгон булак; 2. топонимикалык ат; **казан булак** *жерг.* 1. казан сымал таштан сыгылып чыккан булак; 2. булактын аты; **кәлтә булак** *жерг.* 1. кичине, чолок булак; 2. жердин аты; **мышык булак** *жерг.* 1. жапайы мышыктар тыткылап чыгарган булак; 2. жердин аты (бул жер мурун токой болуп, анын арасында жапайы мышыктар жашаган имиш); **өндүрмө булак** *жжол.* суусу тамчылап отуруп көбөйгөн кичинекей булак; *өндүрмө булактан суу тамчылатып отурат;* **түтөw булак** *жерг.* 1. оозу тар, түбү терең булак; 2. булактын аты; **чәчмә булак** *жерг.* жайылып аккан булак; *бир чәчмә булак/к/а жетет.*

БУЛАКЕ, БУЛАХА *түнд.* пдаха, чостон калың тактай.

БУЛАМЫК *ичк.* короочу иттер кыйын чыксын, кийикчи болсун деген ниетте ага күчүк кезинде бөрүнүн жүрөгүн, боорун, койдун корголун, кийиктин кылын аралаштырылып, ага ундан сээп берүү жөрөлгөсү; *күчүккө буламык берет;* **ит буламык** ◊ *ал.* башаягы жок аралашкандык; *ит буламык болдук да.*

БУЛАН *батк., өзг.* 1. булган; 2. топурак – чаңга оонап булгануу; *топурак/к/а буланып алыпсың.*

БУЛАНТ *тяньш.* үйдүн чатыры.

БУЛАНТТА *тяньш.* үйдү чатырлоо; *үйүмдү буланттадым.*

БУЛАНЧЫЛЫК *жжол.* ойношчулук; *буланчылык кылды дегендей эмне айалын тартып алдывы?*

БУЛАҢ I *чатк., өзг.* товардын бир түрү; *сапары живек булаң бар.*

БУЛАҢ II *ичк.* көйкөлгөн чөп, талаа; *әжәәп жакшы жер экен булаң, булаң жерде ойносок кандай жакшы.*

БУЛАҢ III *жерг.* кубарып, агыш тартып калган өң; *муз үстүндө булаң сөйкө* (таб. ай).

БУЛАҢ IV: **алаң–булаң** *жерг.* жутунган адам; *аш десе ÷ алаң–булаң, иш десе – ийри жылан.*

БУЛАҢГЫР *чүй.* бүдөмүк; *бирде булаңгыр тартып, бирде жаркырай калар.*

БУЛАРКЫ *пам.* аягы суюк аял; *сен бир талаада калган буларкысың.*

БУЛАРЫК *түнд.* мунарык; *күн буларык тартып турат.*

БУЛАСТА *жжол.* 1. кылактоо; *толгон бир элдин ичинде, жүрүчү бир элең буластап*; 2. *ичк.* бутту, колду бош таштап далдактап басуу; *буластап басат экен.*

БУЛАТ *түшт.* ылайга, топуракка томолотуу; *ылайга тээп булаткан.*

БУЛАЧ, БЫЛАЧ, БЫЛАШ *ыск.* плащ.

БУЛБУК *өзг.* бултук.

БУЛБУЛ: **тал булбул** *ыск.* булбулдун бир түрү (булбулдун бул түрү бак арасында сайрайт); *такылдаса тал булбул муну бар адам укпусуз;* **таш булбул** булбулдун бир түрү (булбулдун бул түрү тоо – таштуу жерлерде сайрайт); *таштан ташка зыйылдап учкан таш булбулу деген бар.*

БУЛБУЛКӨШ *батк.* булбулкөй; *мен жүдэ булбулкөшмун.*

БУЛБУЛГУЙА *батк., миф.* алтын куш; *булбулгуйа жөнүндөгү жомокту билесиңби?*

БУЛГАМА *тал.* 1. бирдемени булгай турган жандык, нерсе; 2. *терг.* төөнүн куйругу; *эки диң–диң, бир булгама.*

БУЛГУН *чүй.* кундуздун бир түрү.

БУЛЖАҢ *к.* алжаң.

БУЛКАК *тяньш.* 1. эки ийин чыгарылып жасалган тери идиш; 2. *чүй, терг.* чанач (Чанач, Чаначбай, Чаначбек деген өндүү аттарды тергөө).

БУЛКАН *чүй, терг.* сабаа.

БУЛООН: **канды булоон** *чүй.* эл көп топурап, кыжы – кыйма болуу; *алардын үйүндө канды–булоон болуп атыптыр.*

БУЛТАҢДААК *жерг.* бултаң – бултаң этип жүргөн нерсе; *ол аттын куйругу бултаңдаак.*

БУЛУКУТ *пам.* пайдалуу; *башка булукут иштер болсо, ого бат кетевиз.*

БУЛУТ: **ала булут** *батк.* саманчынын жолу; куш жолу; кой жолу; *бизде ала булут деп койот.*

БУЛЧАҢ *к.* алчаң.

БУЛЧУК *батк.* буржугуй; *о булчук келатат.*

БУМАЗИЙ *ыск.* бумазея (орус тилинен); *бумазийден көйнөк тикти.*

БУНА I *жерг.* шылтоо; *мен кызымын бунасы менен келип калдым.*

БУНА II *жерг.* мобу; *буна китэпти ал.*

БУНАН *ар.* мындан; *бунан тийдим Бухарга, мурдум жетти шээргэ* (таб. жол).

БУНАФША *жерг.* кырмызы; *кызыл, бунафша гүлдөрү бар чыны экен* (сал. таж. бунафша).

БУНДА *ар., тал., жерг.* мында, мунда; *буда деп жазылыптыр го.*

БУНДАЙ *тал., түшт., чүй.* мындай; *бундайын, укум дейт.*

БУНОГУ *чатк. к.* муногу.

БУНОГУДАЙ, МУНОГУДАЙ *тал.* мындай; *буногудай келип отуруңуз.*

БУНДАН *тал., ккырг.* мындан; *бундан бир бала калат.*

БУНЧА *тал.* мынча.

БУПАЙКЕ *ыск.* фуфайка (сал. каз. бопайке, попайке, купайке).

БУРА I *түшт.* буура; **кара бура** сары тиш болуп келе жаткан буура; *кара бура чөк–чөк;* **сары бура** аябай жетилген буура; *сары бура чөк–чөк, жаним бура, чөк–чөк;* **жашил бура** али жетиле элек буура; *жашил бура чөк–чөк;* **жаз бура** *тяньш.* жезкемпир, жезтырмак, жезтумшук.

БУРА II *жерг.* колунан ар кыл иш келген адам; *бура жигит* (сал. таж. буро).

БУРА III *батк., пам., өзг.* буркурап жыттануу; *бурган бакта сайраган булбулу болом дэрэнин.*

БУРАДАР *түшт., жумг.* курбу, курдаш, теңтуш; *әә, бурадар, биз йам сиздей* (сал. таж. бародар «бир тууган»).

БУРАК I *түшт.* аромат, жагымдуу жыт; **алма бурак** 1. алма жыт; *алма бурак аттуwум, сулуw!;* 2. өсүмдүктүн аты; **жигде, жигдә, жийде бурак** жийде жыт; **кара бурак** *батк.* жерге жайылып, өсө турган өсүмдүктүн аты; *кара бурак өспөйт, отунга жарайт.*

БУРАК II *батк.* тез бурганга, тез кайырганга көнгөн мал; *бурак ат мингени, бурулбай кетти жеткени.*

БУРАМА *жерг., терг.* 1. селде; *бурама парз*; 2. орнаментгин бир түрү; *бурама, чырач, тавак деген кештелер болот.*

БУРАНА *жжол.* 1. шамал, суу жеп аркайып, элес берип калган кызыл кум – таштуу жер; *буранага көтүчкөн түнөйт;* 2. *чүй.* мунара; *бурананын түвүнөн ыйлап ажырашкан.*

БУРАҢ *батк., пам.* кандайдыр бир оорудан кийин буралып басма адатка көнүп калган адам же мал; *бураң кой козу тuwgy.*

БУРГА *жерг.* 1. булга; *кол бургаштан ийәләм*; 2. *лейл.* тегеретип айландырып ыргытуу; *бургап ыргыт.*

БУРГАК I *пам.* бурганак.

БУРГАК II *лейл.* өсүмдүктүн аты; *Кожент тарапта бургак өсөт.*

БУРГАНА *өзг.* бургу; *бурганасын сындырып алды.*

БУРГУ *түнд.* бурооч; *бургу менен бургулайт* (сал. бур. бургы, боргы «бургу»).

БУРГУЙ *өзг.* күүнүн аты (легенда боюнча Жаңыл – Мырза Бургуй аттуу адамды атып коёт. Ошондо анын аялы кошуп ыйлайт. Күү ошого карата чыгарылган имиш).

БУРГУЛЧАК *жерг.* жердин аты (жергиликтүүлөрдүн айтуусу боюнча бул жерде Манастын мүрзөсү бар. Анын узундугу 17м., туурасы 2,5м. келип, жээгине тикесинен таштар коюлуп, анын бетине чегилип белгисиз жазуу жазылган).

БУРГУТ *чүй.* бурулдат; *кунанымды бургутуп баланын артынан чаптым.*

БУРГУЧ *лейл.* жыгач көзөй турган көзөөч; *чоң атаңдын бургучун алып келчи, балам.*

БУРД *жерг.* абийир, уят; *бурду йок адам экенсиң.*

БУРДА I *жерг., лейл.* 1. бөлүк; *балама бир бурда берип койчу*; 2. бөлөк – бөлөк; *бурда–бурда болгон нан экен*; 3. бир тиштем; **бурда нан** *батк.* майда сындырым нан; *бурда нандан алың.*

БУРДА II *жумг.* шарт, мүмкүнчүлүк; *бурда кылса келе алат.*

БУРДА III *пам.* 1. житирип жок кылуу; 2. *батк.* нанды майдалап сындырып коюу; *нанды бурда.*

БУРДАЛА *жерг., лейл.* 1. бөлүккө бөлүү; 2. бөлөк – бөлөк кылып ажыратуу; *гөштү бурдалап койчу.*

БУРЖЕК *жерг. к.* бурчек; *буржек/к/е карап оку.*

БУРЖУВАЛ *лейл.* өсүмдүктүн аты; *буржувал – чөптүн аты.*

БУРКА *лейл., өзг.* 1. тарам; *токсон экинин бир буркасы – кыргыз;* 2. *ар.* кошкон эл; *шаарда буркалар көп экен.*

БУРКА: бурка–шарк *батк.* бурк – шарк; *бурка–шарк болуп эле жетип калды.*

БУРКАК *жжол.* болук, семиз; *буркактай күндү неге алдың?*

БУРКАЛТАЙ *чүй.* борколдой, борсолдой; *жер астында буркалтай семиз* (таб. чычкан).

БУРКАН *ыск., терг.* Калмак, Калмакбай өндүү аттарды тергөө.

БУРКАСЫНДА *түшт.* бороило, борошоло; *күн жаап буркасындады.*

БУРЛУК *жерг., зам.* киркире; *бурлугуптур довушум.*

БУРМА I *түшт.* ийиктин баш жагына жипти бурап чыйраткыдай болуп салынган сай (түндүк райондордо ийикке мындай бурма салынбайт); *ийиктин бурмасын сындырып алва;* **кара бурма** *жерг.* өсүмдүктүн аты (жергиликтүү эл илгери бул өсүмдүктү кара чай катарында пайдаланып келишкен). *Бул өсүмдүк «бурма кара, кулунчак» деп аталып, Ысык-Көл, Тянь-Шань жана түштүк райондордун тоолорунда кезигет;* 1. *ыск.* чымчыктын бир түрү (өңү капкара, учканы жай, көбүнчө кендирдүү жерде, булак бойлорунда, саз жерлерде, тикенектүү талааларда жүрөт); *бир жеринде кара жок, бурма кара чымчык бар;* **бурма кара** *өзг., ал.* өсүмдүктүн аты (өңү көк, дары чөп. Жергиликтүү эл сыныкка жанчып тартат, чай кылып ичирет); *бурма кара сынганга дары болот; бурма кара, кызыл бурма деген өсөт;* **кызыл бурма** *пам.* адегенде казандын оозундай жерге жабышып чыгып, анан төрт метр бийиктикке чейин көтөрүлүп өсө турган өңү кызыл өсүмдүк; *кызыл бурма отун болот.*

БУРМА II *жерг.* имерилиш жер; *эл өтүп кеткенде бурмага келдик.*

БУРМАКЕЙЛИК *ыск.* бурмалоочулук; *өмүр жана өлүм, чындык жана бурмакейлик.*

БУРОW *жерг. к.* буровуч.

БУРОWУЧ *пам.* көзөп бурагыч (кээ бир жерде ал «үшкү», «пәрмә» деп да аталат).

БУРОМ *жерг.* кийиз жасоо үчүн сабалып, тытылып даярдалган 1 – 5кг. өлчөмүндөгү жүн; *төрт-беш буром жүн болсо, бир йахшы кийиз ондолот.*

БУРОО: терс буроо *түнд.* комуздун ортоңку жана астыңкы кылдары бирдей калыпта, үстүнкү кылы бошоңураак күүлөнүп, анан чертилүүчү күү; *терс буроону чертиш кыйла кыйын.*

БУРСАК *түшт., терг.* бучук; *мурду бурсак.*

БУРСАТ *өзг.* убакыт, мезгил, учур; *бурсат жок.*

БУРТКА *кашк.* күрткү; *буртка жерден айланды.*

БУРУЙ: буруй-буруй *жерг.* көзгө конок конгондо аны учуруу үчүн колдонула турган сөз; *...карай көздө ак болбос, ак болсо да туруп болбос... буруй... буруй.*

БУРУЙДА *пам.* чоң – чоң кесилген куурдак эт; *пычак өтпөй буруйда кылып эле салып койдум.*

БУРУЙЛА *батк.* 1. тору; *ол ону буруйлап калыптыр;* 2. эмдөө, дарымдөө; *көзүнү буруйлады;* 3. шыйпанда.

БУРУЙЛАТ *жерг.* көзгө конок түшсө, тиш ооруса түкүртүп эмдеп дарылатуу; *илгери эмчи-домчуларга буруйлатат эде.*

БУРУК *өзг.* бургуй; *о, бурук-бурук* (баланы эркелетүү).

БУРУМ *жерг., батк., өзг.* ийри – муйру; 1. ийрилип аккан суу; 2. топонимикалык ат; 3. *лейл.* бурулуш, имерилиш; *бурумга барып токтоду;* 4. *жжол.* эндин бир түрү; *бурумду малдын кулагына салат.*

БУРУН I *ичк., тал.* мурун; *бурун билген эмес* (жерг.).

БУРУН II *чүй.* илгери, мурун; *бурун кайда жүрдүң эле?*

БУРУН III *пам.* жолдон имерилиш буйгоо жер; *жолдон бурун экен, барбай койсок болот.*

БУРУНГУ *тал.* мурунку; *бурунгу бойдон бери келе элексиңби?*

БУРУҢ *тоң.* тууранды сөз (бир нерсени жактырбай, нааразы болуп, тескери карай кеткендикти билдирет); *балага жылдыз энчилесем алвайт деп буруң этти.*

БУРУТ *батк.* кандайдыр бир бургу менен оюлган таш, жыгач, жер; *бурут кылып жерден суу тават.*

БУРУШ *пам.* койду кыркканда кандайдыр бир жеринен (төбөсүнөн, куйругунан, жонунан ж.б.) бир аз жеринин жүнүн кыркпай койгон белги.

БУСА *к.* аса.

БУРХАН: **бурхан–дархан** *батк.* буркан – шаркан; *бурхан–дархан болуп ийлэди.*

БУРЧ: **уч бурч** *атб.* чакмак таш ойнунда сол колдон үч салаасын үч бурч кылып, ага таштарды бир – бирден айдап кирүү фазасы; *төрт бурч колдун төрт салаасын төрт бурч кылып, ар бир таштарды жеке–жеке айдап кирүү фазасы.*

БУРЧАК I *тал., пам.* мөндүр; *бурчак түштү* (кээ бир жерде «товурчак» деп аталат).

БУРЧАК II: **таш бурчак** *ичк.* өсүмдүктүн бир түрү (сабагы, даны); *таш бурчак ордук* (бул бурчакты малга оруп берет, данын айрым учурда тамак үчүн да пайдаланып келген).

БУРЧАТПА: **бурчатпай кел** *тяньш.* кам жок учурда карп – курп келүү; *булар бурчатпай келди.*

БУРЧЕК *өзг.* үйдүн бурчу; *бурчектен туруп эле атып салат.*

БУТ: **бут басар, бут басмай** *ичк.* кыз – күйөө тоюнда (нике кыюу алдында) кыз менен күйөөнүн көздөрүн таңып, белдерин кур, же чачык, же узун жоолук менен байлап, буттарын бири – бирине бастыруу салты (бул жөрөлгө боюнча кимиси мурун бутту басса, үйдүн өктөмү ошол кишиде болгон. Сыягы, бул жөрөлгө байыркы энелик доордогу демократиянын калдыгы болсо керек); *бутту ким мурда басса, ал өктөмдүү болот дешет;* **бутунун башы менен көрсөтөт** ◊ *батк.* тоотпогондук, кекирейгендик; **бутка тепмей** *ноок.* бирөөнүн жогорулаганын көрө албастан, ага каршы тымызын иш жүргүзүп, тоскоол кылгандык; *бутка тепмей оорусуна чалдыккан киши;* **кандуу бут** ◊ *кочк.* келишип көркүнө чыгып, күлүктүгү же жорголугу ашынган мал; *ушул жылы жазда карагер быштыкандуу бут болду;* **карга бут** *ал. к.* карга айак; **тоок бут** *түшт.* «газ айак, карга тырмак, карга бут, үч бармак, тал бэрки» деп аталуучу сайма аттарынын экинчи бир синонимии; «*тоок бут*» *же* «*газ айак*» *дейт;* **чоңбут** *жжол., алб.* өсүмдүктүн аты; *чоңбут деген сары чөп, котур дартка дары чөп* (бул чөптүн сабагы саамайдай болуп өрүлүп чыгат. Жергиликтүүлөр аны кычышкан, котурга дары катары пайдаланышат).

БУТА *жерг.* камыштын сынып, куурап калган өзөгү; *шаартузда бута көп болот.*

БУТАК: **карга бутак** *ал. к.* карга айак; **үрөн–бутак** *тяньш.* укум – тукум, бала; *Каниметтин үрөн–бутагы.*

БУТАЛАКЕЙ *пам., түшт.* чикит ойногондо чикиттин энесин таманга коюп туруп баласын чабуу фазасы (сал. тамандамай).

БУТКАНА *ыск.* идол (текестик калмактардын илгери сыйынып келген идолу).

БУТКАНАЛУУ *ыск.* бутканасы бардык; *бутканалуу дини бар, кутуруп кетмей жини бар дептир.*

БУТТА *пам.* атка бирөөнү мингизерде колтуктап алып, же үзөңгүнү тартып туруп атказуу; *майманды Ормон буттап мингизди.*

БУТТАШ *пам.* чалын; *ол бутташып кетип жыгыла жазды.*

БУТУЛГУЙ *тал.* булгуу; *көтөргөн сумкасы бутулгуй көрүнөт.*

БУТУРАКЕЙ *атб.* будур ала; *атыракейге бутуракей, арданай кызга дарданай күйөө* (лакап).

БУУ I *батк.* муунт; *тамактан бууп койом.*

БУУ II: **кара буу** *чүй.* катуу кайнап жаткан тамактын буусу; *кара буусун чыгарып куйган кесме таттуу болот;* **көл буу** *ыск.* оорулуу адамды примитивдүү түрдө ваннага алуу жолу.

БУУГУ: **баш буугу** *батк., суз.* 1. кичине, төрт чарчы жоолук; *баш буугу берди;* 2. *пам.* паспорт; *баш буугуну бервей жатат.*

БУУГУЧ *пам.* чарк боо; **баш буугуч** *түшт.* чекеге салынган кичине жоолук; *баш буугучун төмөн тарт.*

БУУДАЙ: **ак буудай** *түнд., өзг., жжол.* буудайдын өнү ак келген бир түрү; *ак буудайда айып жок, аны кылган зайып жок* (мак.) **жәйдәри буудай** *суз.* буудайдын бир түрү (дааны ак, эрте быша турган буудай); **зайимке буудай** *чүй.* илгери орус элинин өкүлдөрү ээлеген жерге эгилген буудай; *зайимке буудайды далай айдаган;* **кәк буудай** *ноок.* өтө кургап бышкан буудай; **кызыл колтук буудай** *атб.* буудай өсүмдүгүнүн бир түрү (буудай мындан башка да «ак токол буудай», «кара буудай» деп да бөлүнөт); **тиши буудай** *батк.* майда кыдыракей чыккан тиш; **чаркары буудай** *суз.* буудайдын бир түрү (даны тогологураак катуу келген, өнү агыш буудай); **чилги буудай** даны майда, катиңки буудай; *чилги буудай, жәйдәри буудай өсөт;* **буудай наның болвосо, буудай сөзүң жокпу?** ◊ *зам.* ашың болвосо да ,кашың жокпу.

БУУДАЙКЕР *зам.* буудай оруп – жыйып кызыл алган адам.

БУУДАЙЧЫ *түнд.* таранчы чымчыктын буудай бышкан мезгилде учурган балапаны (сал. арпачы, таруучу).

БУУЛУК *пам.* 1. тоңуп үшүү; *борошо уруп койлор буулукту;* 2. *түнд.* адам ачууланып, туттугуп же бир жакка делөөрүп, бугун чыгара албай демигүүсү; *буулугуп турасың, ачууңду чыгарчы.*

БУУЛУМ *чүй.* товардын бир түрү; *буулум бир белең оңгондой, букара бир белең өлгөндөй.*

БУУМА 1. *түнд., лейл.* толтура буулган кап, баштык; 2. *лейл.* басма (тамак оору); *буума болуптурмун;* 3. *тал.* чыптама; *апам мага буума жасап берди;* 4. *ыск., тяньш.* чоң – чоң барпайтып бараандуу сайылган сайманын аты (бул сайма өң бетке гана сайылат); **баш буума** *тал., батк.* жоолук; *менин баш буумамды алып бер;* **бир буума** *тал.* бир байлам жоолук; *бир бууманы келиндер салынат;* **чымчым буума** *түнд.* капка абдан толтура салынган эгин, жүн; *чымчым буума кылып көтөрүп келди.*

БУУН *пам.* 1. бөлүк, бөлүкчө; 2. чачпакка тагылуучу тегерек – тегерек кооздук; 3. *батк., ар., лейл., чүй, тал., өзг., суз., пам.*, муун; 4. *батк.* үй салганда дубалдын бүтпөй калган кичине бөлүк жери; *буундү бүткөрө койуп тойго барам;* **кырк буун** *пам.* 1. чикит ойнунда баласын кар жилик менен муштумдун кошулган муунуна коюп чабуу фазасы; 2. колдун башы менен жиликтин кошулган жери; *кырк буунум ownуп калыптыр;* 3. *жерг.* өсүмдүктүн аты; *ол өскөндү кырк буун дейт.*

БУУНА *жерг.* себеп; *бир бууна кылып келвесем* (сал. бәәнә, бухнә).

БУУНАЙ *зам.* муун – муундуу; *буунай чечек* 1. муун – муундуу гүл; 2. *терг.* ала тамак (моюнга тагылуучу шуру – мончок); *буук– буун буунай*

чечек, тап-тап таванай чечек (таб. ала тамак).

БУУНАК *пам.* шамалбакты бекитип туруучу муунак – муунак зымча.

БУУНЧАК *батк.* муун – муундуу нерсе; *буум-буум бунчак, буун ала түйүнчөк, сегиз кыздын энеси, селкилдеген келинчек.*

БУУРА I: ак буура *түшт., тар.* 1. басыз уруусунун илгерки уураны (легенда боюнча кыргыздардын сол канатка кирүүчү топтору ушул Ак – Буура аттуу адамдан тараган имиш); 2. суунун аты; 3. комуз күүсү; *ак буура күүсүн чертет эле* (бул күүдө агын суунун илеби, агымы чертилет); **чал буура** *түнд., терг.* чоң ата; *жезип кеткен жез атаң, жемире баскан чал буура* (таб. жети атаң – жети ата, чал буура – чоң ата).

БУУРА II *тяньш.* уруунун аты; *чекир саяктын ичинде бууралар бар* (чекир саякка: араке, арсыкул, аюу, баатай, байбагыш, балбак, баян, бегалы, беш берен, беш уул, бокой, бөрчөк, дербишаалы, доскулу, жаныш... катаган, качыке тукумдары кирет).

БУУРАКАН *чүй, терг.* жолборс.

БУУРЖУМ *чүй, терг.* балык; *Букардан келген бууржум, мурдун тартпай суу ичет* (таб. балык).

БУУРЖУН *түшт.* 1. үч жашар эркек төө; 2. *тяньш.* беш жашар төө.

БУУРУ *өзг.* өзгөчө мыкты; *сегиз буурусун келтир деди.*

БУУРЧАК I *жжол., өзг.* 1. көгөн жиптин козу – улактын мойнуна салына турган көзчөсү; *короонун айагында буурчак бар экен*; 2. *тал.* мөндүр; *асмандан буурчак төгүлдү.*

БУУРЧАК II: **талаа буурчак** *өзг.* өсүмдүктүн бир түрү; *талаа буурчак жапайы өсөт.*

БУУРЧУЙ *базк.* мурчуй; *буурчуйуп кимди коркутат.*

БУУРУК *пам.* кайыгып тоңуу; *түндө бир кой бууругуп калыптыр.*

БУХНА *жерг.* шылтоо, себеп; *үйгө барвашыма бухна таптым.*

БУЧАЙ *к.* ачай.

БУЧЕН *түнд.* бул жер; *бученде эч ким көрүнбөйт.*

БУЧКАК: **буту бучкак** *алб.* укум – тукум; *буту-бучкагы менен өзүнө тыц;* **тумоо бучкак** *нар.* сасык тумоо; *тумоо-бучкак учту;* **чор бучкак** *жжол.* жүндүү бучкак тери; *чор бучкак кийген жылуу деп.*

БУШМАН *пам.* кейүү, капалануу; оозун кармануу; *өткөн ишке бушман жок, өлүмдөн кэттэ тушман жок* (мак.).

БҮВӘТИН, БҮВӘТҮН *зам.* 1. молдо кишинин зайывы; 2. молдолугу бар аял.

БҮВҮ *жерг.* аялдан чыккан бакшы; *бүвү темирди кызытып алат* (сал. таж. беви, биви, бува, биби «чоң эне, таене, эне»).

БҮГҮЛМӨ *ыск.* 1. эшиктин каалгасы менен бириктирген темир (сал. топсо, айланпаз, ашык, ашык – мышык): *бүгүлмөңдөн төрттү сата кел*; 2. жалпы эле бүгүлүп ийиле турган нерсе.

БҮГҮР *чүй.* күбүр; *бүгүр-бүгүр бүгүргөн, муз алдынан жүгүргөн, шаанын уулу шамурза мылтыгын ала жүгүргөн* (таб. мышык, чыккан).

БҮДҮР: **бүдүр-садыр** *жерг.* тармал.

БҮДҮРАЛАКАЙ *ыск.* бүдүр ала; *бүдүралакай өңдөнүп кетиптир.*

БҮДҮРГӨНӨК *батк.* майда – майда бүдүр болуп чыккан сиркек; *бәдәнимә бүдүргөнөк чыкт.*

БҮДҮРГӨНӨКТӨ *батк.* бүдүр – бүдүр болуп чыгуу;

БҮЖҮЙ *жжол.* чүрүш; *жалбырактар бүжүйүп-бүжүйүп турат.*

БҮЖҮР *ал.* чаар; *Үрүстөм ырчы*

бүжүр адам экен (Алай тарапта Осмон куу кулак, Туяк ырчы, Бала ырчы, Абдумомун, Абдыкайыр, Үрүстөм бүжүр деген адамдар «чоң ырчы» атыгып чыккан адамдар болгон экен. Үрүстөм ырчы болжол менен 1837 – 1897 – жылдарда өмүр сүрүп, Маметкалык кыякчы деген адам менен айтышкан имиш).

БҮЗҮЛҮК, БҮЗҮРҮК, БҮЗРҮК *өзг., жерг.* 1. олуя; *бүзүлүк болсоң сыр көрсөт, көрсөткөнүң билейин;* 2. *терг.* эшен.

БҮЙЛӨ *түнд.* тиштин түбү, тиш чыга турган жер (бул сөз Лейлек Замин жакта «тиштин мүлкү» деп аталат. Сал. монг., буйл, бүйл «бүйлө»).

БҮЙЛӨЛӨ *ыск.* тиши чыга элек баланын эмчекти бүйлөгө салып тартышы; *эмчекти бүйлөлөп энесин кыйнады го, таманынан өөп жибердим* (баланын таманынан өпсө, ал бала чоңойгондо кыйык болот деп эл эсептешет).

БҮЙӨ *батк.* бөө; *чайандын бир түрүн бүйө дейт.*

БҮЙӨW I *зам.* шишип чыккан жара; *шишип чыкты бүйөвдөй.*

БҮЙӨW II: **бүйөw күw** *ал.* темир комуз күүсү; *алайчыларда бүйөw күwдү кеңири билет.*

БҮЙӨРДӨ *зам.* бул жерде; *бүйөрдө илгери үй бар эде.*

БҮЙРӨЛӨН *ыск.* түрмөктөл; *көвүктөнгөн толкун бүйрөлөнөт.*

БҮЙРҮ *ыск.* бүткөн бойдун кызышы; *бүйрү кызып жан берет.*

БҮЙҮЗГҮ *пам.* бул өйүзгү; *өйүзгүнүн жылкысы топчу кулак торала, бүйүзгүнүн жылкысы кайчы кулак карала* (таб. керге, уук).

БҮЙҮМ *жерг., терг.* муун; *бүйүм–бүйүм бүйүмчөк, бүйүм ала түйүнчөк, тогуз кыздын энеси томпоңдогон келинчек, сегиз кыздын энеси селкилдеген келинчек* (таб. кекилик).

БҮЙҮМЧӨК *жерг.* муунчак.

БҮЙҮР *тал.* мооку; *бүйүрү канып карап калды.*

БҮК *пам.* бүкүр; *бул киши кичинесинен бүк.*

БҮКМӨ *түнд.* 1. бүктөмө; 2. *тыньш.* топсо; *бүкмө кыйчылдап жатат;* 3. *батк.* бүкүрөйгөн адам; *бүкмө болуп бүтүпсүң.*

БҮКӨМБАРА *кетм.* увайрам.

БҮКӨН: **бүкөн–баран** *кочк.* кыйрап талкаланган нерсе; бырын – чырын; *ушинтип бүкөн–баран болуп кетти.*

БҮКТӨМ *жжол.* жууркан – төшөктүн бүктөлүп оролуп коюлганы; *кертим жүктөн бүктөмдү жазбай курчактап чыгат.*

БҮКТӨМӨ *чүй, терг.* 1. баки, паки; 2. эшик – терезенин бүгүлмөсү; 3. *жжол.* акча салуучу кичинекей кошолек; *абамдын бүктөмөсүндө акча көп көрүнөт.*

БҮКТӨМӨЛ *түшт. к.* бүктөмө.

БҮКҮ: бүкү–түкү *тал.* 1. уйгу – туйгу; *бүкү–түкү болуп ичи тызылдайт;* 2. санаркоо, убайымда болуу; *жүрөктөрү бүкү–түкү болуп жүрүптүр.*

БҮКҮЛҮ: **бүкүлү жат** *тоң, тыньш.* чечинбей, кийимчен жатуу; *төшөк/к/ө бүкүлү жатып жүрдү.*

БҮКҮНДӨ *суз* бөкчөндө; *бүкүндөп келатат.*

БҮКЧҮРӨНДӨ *жерг.* бүкчүндө; *бүкчүрөндөп бирөw келатат.*

БҮЛБҮЛЧӨК *өзг.* үлпөлдөк; *бүлбүлчөккө май куйуп бүйрүп талга байладым* (таб. куркулдайдын уясы).

БҮЛГҮЛҮW *ичк.* бүлүк, бүлгүн; *күндө салдың бүлгүлүw.*

БҮЛДҮЗ *тал.* бүйүз (бул+йүз); *өлдүз менен бүлдүздүн чегин алган ким экен?*

БҮЛДҮРГҮ *тал.* бүчүлүк; *кемселге бүлдүргү салып тиккен жакшы болот.*

БҮЛДҮРКӨН I *ыск.* 1. клубника; 2. *лейл.* земляника; **экме бүлдүркөн** *лейл.* колго өстүрүлгөн земляника; *жапайы бүлдүркөн талаага өз алдынча чыга турган өсүмдүк;* **котур бүлдүркөн** *лейл.* жапайы бүлдүркөндүн бир түрү (бул бүлдүркөн сап – сабына бир – бирден дан байлайт. Даны кичине, кызыл, таттуу болот); 3. **чыны бүлдүркөн** *лейл.* жапайы бүлдүркөндүн экинчи бир түрү (мунун сабактары узун, калың, көп болуп чыгат да, бир канчадан мөмө байлайт); **кара бүлдүркөн** *чүй.* чыны бүлдүркөн (бул бүлдүркөн суук жерлерде, мисалы, Түп, Талды – Суу жактарда өспөйт).

БҮЛДҮРКӨН II *тал.* 1. бүлдүргүч; 2. *терг.* мышык; *бүлдүр – бүлдүр бүлдүркөн, жер айлана жүгүргөн, Найасаттын баласы мылтык алып жүгүргөн* (таб. мышык).

БҮЛДҮРҮК *кочк.* 1. көмөлдүрүктүн орто жерине кооздоп жасалган чачыкчанын тарамы; *бүлдүрүк көмөлдүрүктө болот*; 2. аттын көкүлүнө, шилияга тыгылган чачыктуу түйүн; *кырк – кырк бүлдүрүк, отуз ооз бүлдүрүк, беш безбелдек* (таб. отуз күн орозо, кырк күн чилде, беш убак намаз); **кырк бүлдүрүк** 1. майда көп бүлдүрүк; 2. таб. чилде; **ооз бүлдүрүк** 1. негизги чоң бүлдүрүк; 2. *таб.* орозо; 3. *тал.* тондун эки капталын, өңүрүн бири – бирине түйө турган тоголокчосу бар кооз ичке сызмача; *тондун да бүлдүрүгү болот, агай* (топчу катары колдонулат).

БҮЛКӨР *тал.* бүркөл; *эртең асман бүлкөрөр дейм.*

БҮЛӨ: бел бүлө *ыск.* бир үй – бүлөдөгү оор түйшүктү аткара турган киши; *менден башка бел бүлө жок.*

БҮЛӨW *жерг., тал.* бүлөө; *устараның бүлөwү кайда?*

БҮЛӨWҮЧ *пам.* кайрак менен бычак, балта курчуткан киши.

БҮЛҮТҮН *жерг.* бүлүтөн; *ыск. бюллетень.*

БҮМҮРӨН *ыск.* жекирүү сезимин билдирүүчү сырдык сөз; *бүтпөй бүмүрөн калсын!*

БҮРГӨН *түнд., ичк.* өсүмдүктүн бир түрү; *бүргөндөн терип келип кырманды шыпыр* (бул өсүмдүктөн шыпыргы жасалган); **кара бүргөн** бүргөндүн бир түрү (кара бүргөн жапыз болуп беш – алты сантиметр бийиктикке чокмороктошуп топ болуп, божурайып өсөт. Жергиликтүү эл чай жасап ичишкен); *кара бүргөндүн чайы пәмили чайдан ширин, кишиге жагымдуw.*

БҮРГҮК *батк.* бүркүт; *бүргүк, жылвыс, калдагач болот.*

БҮРГҮТ *батк.* бүркүт; *бүргүт түлкүнү качырганын көрдүм.*

БҮРДӨНАЛА *жерг.* бүйүрмөлөп кооздоп жасалган көйнөк; *бүрдөнала көйнөк болот.*

БҮРЖЕЛЕ *жерг.* бир жолу эле, биротоло.

БҮРЖҮБАЛ *ал.* чөптүн аты.

БҮРКӨ *чүй.* шапка, тумактын мандайкы бөлүгү; *шапкесинин бүркөсү ылдый түшүптүр.*

БҮРКӨН *түнд.* бети – башты бир нерсе менен жабуу; *жоолук менен бүркөнүмүш болду.*

БҮРКӨНЧӨК *кочк.* элечектин сыртынан салынуучу жеңил жоолук.

БҮКӨР I: кандуу бүкөр *ыск.* бүркүттүн куйругунун үстүндөгү кан чачыраган сыяктанган темгил – темгил тактар; *ал белгилер кандуу бүкөр деп аталат.*

БҮРКӨР II *тал.* бүркөл; *күн бүркөрүп калды.*

БҮРКҮТ: атан бүркүт *чүй.* кыраан, алгыр бүркүт; *атан бүркүттөй качырат;* **ак баш бүркүт** *ыск.* бүркүттүн бир түрү (кекилик, чил, бака, ышкын жеген бүркүт); *ак баш*

бүркүттүн алы жок, ышкын да жейт; **кара каңшаар бүркүт** *чүй.* бүркүттүн бир түрү; **чөл бүркүт** бүркүттүн бир түрү; *булардан башка да чөл бүркүт кездешет;* **суу бүркүт** *ыск.* бүркүттүн бир түрү (суу кыдырган, чыркыраган үнү бар, балык жеген, калдагай чоң канаттуу бүркүт); **бүркүт сары** *ыск.* бүркүттүн бир түрү; *бүркүт сары деген бар;* **суу көз жалтаң** *түнд.* бүркүттүн бир түрү (түндүк райондордо бүркүт төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт): 1. ак баш, 2. кара баш, 3. кара чоку, 4. жору куйрук жоон кол, 5. суу бүркүт, 6. чатак сары, 7. омойсоргок, 8. чөл сары, 9. карачык, 10. монор, 11. келтебоз, 12. жамбоз, 13. желдүү сыргак, 14. баатыр кашка, 15. бакабаш, 16. муз мурут, 17. куучегир, 18. суу көз жалтаң); Өзгөн тарапта (Алайкуу, Совет жакта) бүркүттүн төмөнкүдөй түрлөрү ажыратылат; 1. **жап канат** ийин кысык, мурду кенен, жаактуу бүркүт; 2. **берен** бир топко кирген бүркүттүн бир нечесинин жалпы аты (алар төмөндө ажыратылап берилет); 3. **берметтүү берен** көкүрөгү чаар ала жүндүү, көзү көк бүркүт; 4. **ала чагыр, ала чагыр көз** көзү чагылгандын учкунундай чаар ала болуп жалтылдап турган бүркүт; 5. **беш берен** көкүрөк жүнү сүт чачкандай ак, көңөсү төрттөн болуп бөлүнгөн бүркүт; 6. **кишендүү берен** түрү көөдөй кара, эки балтыры сүт чачкандай чыбыр ак, көзү тунук, кабагы тайкы бүркүт; **7. тикендүү берен** канаттын үстүндөгү жапкычтын учунда тикенчеси бар, калжайган зор бүркүт (кыраандыгы анча болбойт); 8. **дордок** мурдунун үстү кайкы, буудайдай тоголок белгиси бар, буту кыска бүркүт (ал экиге бөлүнөт); 9. **эмил дордок;** өңү купкуу «дордок» бүркүт; 10. **кара дордок** өңү кара «дордок» бүркүт; 11. **жем басар** тырмагынын алдында илмеги бар бүркүт; 12. **ак ийин, айланма тоонун ак ийин** оң далысында сегиз аппак, сол далысында алты аппак тал жүнү бар бүркүт; 13. **ак көз, Алайдын ак көзү** көзү уюган айрандай аппак, жүнү кызгылт, канатынын талдары ичке, качырганда жерди бети менен күүлөнгөн кыраан бүркүт; 14. **калдыр канат, калдыр канат муз мурун** өңү купкуу, жогдору далысына төшөлгөн, көзү табылгынын чогундай кызыл, мойну узун, жүнү катуу, күбүнгөндө шалдырап күбүнгөн бүркүт; 15. **карачык** тили капкара, колго секирип конгон бүркүт; 16. **кара кашка, кара кашка тынар** тумшугунун үстүндө жырылган узун тамгасы бар бүркүт; 17. **көк камчы** көзү төөнүкүндөй ала чагыр, канатынын үстүндөгү жапкычтын бир үлүгүндө экиден талы бар, анысы аттын канжыгасындай саландап турган бүркүт; 18. **кер кашка, мүйүздүү кер кашка** өңү кызгылт, мандайында жүгөрүдөй сөөгү бар бүркүт; 19. **эрке кашка** көзүнүн тегереги капкара, төкөөрүнүн үстүндө узун ак кашкасы бар бүркүт; 20. **эгиз кара кашка** жүнү эжигейдей сары, көзү кызыл, бир уядан экиден балапан чыгарган, биринин оозу оңго, биринин оозу солго кыйшыгыраак келген бүркүт; 21. **кызыл көз** алгыр, тумшугу чүрпө, өзү келте, буту эки – үч элидей бийик, томолок келген бүркүт (бул бүркүт кыраан деп бааланат); 22. **кыса көз, кыр мурундуу кыса көз** тумшугу келте, көзү таандын көзүнөн бир аз чоң, куйругу чолок бүркүт; 23. **молор** көзү чардаган баканыкындай тостойгон, тумшугу жука, жукалыгынан күнгө салып карасаң тили көрүнгөн, төшү алдына чыккан,

аркасынан карасаң сыны жок, балтыр боо тагыла турган жеринде чыбыр ак жүнү бар бүркүт; 24. **төө комдор** мурдунун ичи кенен, жаагы узун, эки канатынын ортосу тегирмендин ноосундай, тумшугу кара бүркүт; 25. **тас** төшүнүн башында илмеги бар, үстүнө отурсаң эңкейип койбогон, илмекке бир чака суу илсе да көтөрүп кете турган бүркүт; 26. **увара чыркоо** өзү зор, эч нерсе албаган чыр бүркүт; 27. **чөл сары** жүнү чылгый сары, буту кыска, дайыма чөлгө тукумдай турган бүркүт; **бүркүт жаюу** *түнд.* аңга бүркүт салуу; **бүркүт өтсө бөрү келди дейт** ◊ *жерг.* Самаркандан саман учту десе сан кол келди деген маанидеги сөз; **бүркүт алма** *к.* алма; **бүркүт канат** *к.* кеште.

БҮРМӨ *түшт.* 1. бүйүрмө; *көйнөктүн бүрмөсүн өйдө койуң*; 2. бүйүрмө көйнөк; *көйнөктүн бүрмө, будурма деген түрү бар;* **этеги бүрмө** *жерг.* этеги бүйүрмө көйнөк (көбүнчө кыз – келиндер, жаш энелер киет).

БҮРӨW *ичк.* бирөө; *бүрөwдө кырк ywул бар, кыркынын кырк айагы бар* (таб. уук); **бүрөwгө болдуву?** *суз.* башы ачык эмеспи, башка бирөөгө макулдук бердиви деген мааниде; *бүрөwгө болуп кеттиви деп сурады.*

БҮРӨWҮ *пам., жерг. к.* бүрөw; *бүрөwдүн ишиге бүрөwдүн саратанда колу тоңот* (мак.).

БҮРӨГҮ *лейл.* ушул, мына ушул; *бүрөгү китеп киминдики?;* **мана бүрөгү** *лейл.* мовереги.

БҮРӨНҮГӨ *батк.* бирөөнө; *бүрөнүгө карматып койот.*

БҮРТ *суз.* мүрт; *бүрт курман боптур.*

БҮРТӨКӨЛ *ыск.* протокол.

БҮРТӨКӨЛДӨ *ыск.* протоколдо.

БҮРТҮК I *жжол.* ат жабуунун бир түрү; *бүртүк, бодо, бышты, дөнөн, жаа* (к.).

БҮРТҮК II *ыск.* курутту эзгенде жибибей калган майда тогологу; *курутту эзсем бүртүк-бүртүк болуп калды* (кээ бир говорлордо «малта, малташа» дейт).

БҮРТҮКЧӨ *түнд.* кичинекей майда бүртүк; *мала кызыл бүртүкчөлөр.*

БҮРҮК *жерг.* эгиндин баш албай калган чүрүшү.

БҮРҮЛ: кызыл бүрүл *тоң.* кызыл күүгүм; *кызыл бүрүлгө чейин өксү болвойт;* **үрүл-бүрүл** таңга жуук, али жарык түшө элек учур; *үрүл-бүрүлдө аттанып кетти* (сал. монг. бурий «бүрүл»).

БҮРҮМЧӨ *лейл.* кийимдин бир түрү; *бели кымча бүрүмчө бар.*

БҮРҮҮЛ *тяньш.* тандын жаңы ата баштаган мезгили; *бүрүүлдөн туруп, баласы экөө короодон жөнөдү.*

БҮРҮЧ *ичк.* чачы; *оромолуw бүрүчү, эндижэндин күрүчү* (лакап); **ормолуw бүрүч** чачыктуу оромол; **жоwлук бүрүч** чачылуу жоолук; *ол – жоwлук бүрүчү.*

БҮРҮШ *жжол.* жалбыректын чүрүшүп калган жери;

БҮРЧ *түшт.* бүр; *жыгачтын бүрчү көбөйүп кетиптир.*

БҮРЧӨ *түшт.* кичинекей, майда бүрч; *жыгачтын бүрчөсү көвөйүптүр.*

БҮРЧӨЛӨ *түшт.* бүр байлоо, бүр чачуу; *жаңак бүрчөлөйт.*

БҮРЧӨЛҮҮ *түшт.* бүрчөсү көп, бүрчөсү арбын; *алма бүрчөлүү экен.*

БҮРЧТӨ *түшт.* бүр байлоо, бүр чыгаруу; *жазында жыгач бүрчтөйт.*

БҮСКҮН *жерг.* бүрсүгүнү.

БҮТ: бүткөлү болдуңбу *жерг.* бүткөнү калдыңбы; *савакты бүткөлү болдуңбу?*

БҮТӨ *тал., чатк.* өсүмдүктүн аты (уулуу өсүмдүк); *бүтөнүн бир топ түрү бар.*

БҮТӨШ *чүй.* илгерки солто

уруусунун бир бөлүгү; *бүтөштөн: жакып, төлөн, тувар, багыш, жагыш.*

БҮТТҮГҮ *батк.* баары, чогуу; *бүттүгүвүз баравыз.*

БҮТҮН, ПҮТҮН *зам., бакт.* эч нерсеси кем эмес нерсе; **бowрy бүтүн** *зам.* бала – чакалуу, өлүм – житими жок, кең – кесири жашаган адам; *бowрy бүтүн адам таап, тукумчук кыл;* **бөйрөгү бүтүн** *батк.* бөйрөгүн май баскан семиз мал; *чаар койду сойсок бөйрөгү бүтүн болду.*

БҮЧ *түшт.* дандын толбой калганы (мистенин, өрүктүн, бадамдын, жаңгактын данына карата); *мистенин даны бүч экен.*

БҮЧӨК *чүй.* тамеки, папиростун тартылбай калган түп жагы; *сигареттин бүчөгүн мештин оозуна ыргытып жиберди.*

БҮЧҮ: **бүчү бикке** *жерг.* бир аз, бир тике; *бүчү бикке гэп уруп алалы.*

БҮЧҮЛ *зам.* бүжүрөй; *боз койондой бүчүлүп койунуңузда болсокчу.*

БҮЧҮЛДҮК *батк.* төөнөгүч; *балам, дүкөндөн бүчүлдүк ала кел.*

БҮЧҮЛҮК *лейл., батк.* 1. көкүрөккө тагыла турган тегерек күмүш кооздук; 2. *ыск., чүй.* кийимдин топчуга илип коюучу сызма, тор же чүпүрөктөн жасалган топчулугу.

БҮЧҮР *жумг.* 1. мончоктун көзөнөгү; 2. майда, назик мончок (илгерки «катаган» тобунда ушундай айтылган экен).

БҮШӘЙШӘМБИЛИК *өзг.* шейшемби күндөрү молдолугу бар аялдарды чакырып кудайы катары берген тамак – аш; *бүшәйшәмбиликтин тамагына эркектер аралашпайт.*

БҮШҮРКӨ *ыск.* чоңоюп калган баланын түн ичинде уктап жатып, кокусунан ириңдигинин түшүп калышуусу; *уулуң бүшүркөп койгонго, шейшеви сары ала.*

БЫДБЫЛДЫК *жерг. к.* былбылдык.

БЫДЫҢДА *пам.* быдылда; *көп эле быдыңдап сүйлөй берве.*

БЫДЫР I *түшт.* урунган мал, ар кандай жандык (тоок, ит, куш, мышык ж.б.); *колундагы быдыры жуттан чыкпай калды.*

БЫДЫР II: **адыр – быдыр** *жерг.* адыр – будур; *адыр – быдыр жер деп койот.*

БЫДЫРАМА *батк.* 1. быдылдап сүйлөгөн адам; *быдырама адам экен, көп гэп урат;* 2. быдыралекей; *быдырма терек, мырза терек, эчки тал өсөт.*

БЫДЫРЧАК *тяньш.* бакырчак; *кыңыр – кыңыр кыңырчак, кыңырында быдырчак* (таб. бешик, бала).

БЫДЫРЕК *чүй.* бүдүр; *аппак тамдан башка эч кандай быдырек жок.*

БЫДЫРЫК *батк.* топ – топ болуп учкан чымчык; *топ – топ быдырык учат.*

БЫЖЫ *пам., жерг., жжол.* 1. оорунун аты (жаш балдардын башына кызыл темгил болуп чыга турган жара); *баланын башы быжы болсо эм жасайт* (быжы жасап, баланын башына алып келип, аны кесип, ырымдап эмдейт); 2. *чүй, өзг., тяньш.* мөөнгө койдун жүрөк, боор кандардын күрүчкө аралаштырып куюп, ага пияз, калемпир кошуп жасаган тамак; *быжы жасагыла, абдан жейли;* **олово быжы** *түшт.* күрүч же ун аралаштырылып жасалган быжы тамак.

БЫЖЫМАН *жерг., эск.* быжы оорусун эмдөөчү, айыктыруучу адам.

БЫЖЫР *жерг.* быдыралакей.

БЫЗ *түшт.* эчки; *сен эмне бызсыңбы?*

БЫЗГЫ *жерг.* 1. жоргонун кызып аяк ташташы; 2. баш аламан болуу.

БЫЗУУ *ыск.* ФЗО; *бызууга жиберди.*

БЫЗЫЛДАК *зам.* музыкалык инструменттин аты; *кош бызылдак най тарттык.*

БЫЙАЗ, МЫЙАЗ *ыск.* пияз.

БЫЙАЗЫ, БИЙАЗЫ *түнд.* пиязы (төө жүнүнөн колго токулган ичи жок чепкен).

БЫЙАК *түнд., пам.* бул жак; **быйагыма кел–кел, ойагыма кел–кел** *пам.* жаштыкты, сүйүүнү даңазалган; *чакыруу мүнөзүндөгү күү.*

БЫЙАЛА, БИЙАЛА, БИЙЛА *тал., чүй.* чыны; *быйалада кант бар;* **шаа быйала** *жжол.* чоң чыны; *шаа быйала, балгам, шыйпаң, шипширге, серәп деп айтавыз.*

БЫЙАМЫН *жерг. к.* быжыман; *быжы–быжы быйамын.*

БЫЙАС *чүй. к.* быйаз, мыйаз.

БЫЙВЫЛДАК *өзг., терг.* төөнүн өркөчү; *төрт таппан, ийри саптан, эки быйвылдак, бир шыйвылдак* (таб. төө).

БЫЙЕК *жжол.* бул жак; *быйекте айланып жүрөт аскада.*

БЫЙЕКТЕ *жжол.* бул жакта; *быйекте момундай сөз жүрүп жатат.*

БЫЙЕКТИК *кар.* эч ким билбеген көмүскө жер; *быйектик жерлерге катып да жүргөн.*

БЫЙЕТТЕРДЕ *батк.* бул жерде; *быйеттерде там әм жок эде.*

БЫЙПЫЙ *түнд.* эт (балдарга карата айтылат); *быйпый жейсиңби, ме, быйпый.*

БЫЙРАК *пам.* 1. куйрук, куймулчак; *әә, быйрагыны алдыңбы?* (Памирде «куйрук» деп чычаңды айтат да, сөөгү менен эти «быйрак» деп аталат); 2. териси менен чокко куйкаланган кой.

БЫЙРАН: **жызы–быйран** *лейл.* шашып – бушуу, чый – мыйы чыгуу; *жызы–быйраңы чыгып түндө келди.*

БЫЙТЫ: **быйты–быйты** *ыск.* баланы кытыгылап ойноодо колдонула турган сөз; *быйты–быйты, быйты–быйт.*

БЫК *батк.* өсүмдүктүн аты; *быкты әттәрчиләр сатат* (бул өсүмдүктүн тамыры нишәллә жасоо үчүн пайдаланылат).

БЫКШЫК *ыск.* 1. сасык; *быкшык бир жаман жыты бар экен;* 2. Сасык, Сасыкбай, Сасыкул өңдүү аттарды төргөө; *быкшык аттуу уулду көрдүңбү?*

БЫКШЫМА *ыск.* сасык жыт; *ий, үйдүн ичи быкшыма болуп кетиптир.*

БЫКЫЙ *ыск.* булганч, кир; *кимиси айай, кимиси быкый?* (бул сөз көбүнчө тили жаңы чыгып келе жаткан балага карата айтылат).

БЫКЫН I *ал.* далдаа жер; *бээлер өйүзкү быкында оттоп жүрөт.*

БЫКЫН II *пам., жерг.* 1. каптал, бөйрөк жак; *көп сүйлөвө быкыныңа урам ки өлөсүң;* 2. *өтм.* жашыруун.

БЫКЫНЧЫ *пам.* терс буруп сүйлөгөн адам.

БЫКЫРМАЛА *пам.* коркут; *сен мени көп быкырмалава!*

БЫКЫШ *атб.* сүрүш, соодалаш, баасын чагыш; *насийа сатмак белем, быкышып көрөвүс да.*

БЫЛАМЫК *жерг.* буламык; *быламык кылдым.*

БЫЛАСКҮПСЕ *атб.* плоскогубцы, балык ооз.

БЫЛБЫЛДАК *чүй.* былпылдак; *төрт тап–тап, ийри сап тап, эки былбылдак* (таб. төө).

БЫЛДЫРВЫЗ *батк.* былжыракай; *былдырвыз деп отура берве.*

БЫЛДЫРАК *жерг.* чулдур, сакоо; *тили билимбейт, ол былдырак.*

БЫЛК: **былк семиз** *түшт.* 1. былкылдаган өтө семиз; 2. *терг.* камыр; *былк–былк, былк семиз, кавыргасы жок семиз* (таб. камыр).

БЫЛКЫ *өзг.* былкылдак; *былкы-былкы, былкы таш, былкылдаган кызыл таш.*

БЫЛТЫРЫ *ал., батк.* былтыркы жылы; *былтыры чыкты, Алтын-Мазар жакта жүрдү.*

БЫПЫЙ *батк.* мурчуй; *азыр эле гөш салдык деп быпыйып калды.*

БЫРАКЫ *пам.* баасы жок нерсе, баркы жок буюм; *акылы жок жигитке айыл малы быракы* (мак.).

БЫРАТ *чүй.* брат (бир тууган. Сал. чытырый).

БЫРБЫКТА *тяньш.* бышактоо; бышактап ыйлоо; *эмнеге бырбыктайсыңар.*

БЫРБЫР *өзг.* ордо ойнунда «хан» жата турган жай, орто жер; *чүкөнүн жайы бырбыр деди.*

БЫРЖЫК *чүй.* оюндун бир түрү.

БЫРЖЫП *жжол.* жорго; *быржып, дорву, чулук, ичилик дейвиз.*

БЫРСЫЛДАК *пам.* кек мылтыгы; *майын майлай элек йаңы гана бырсылдак бар экен.*

БЫРТАЛАЙ *чүй.* бирдалай.

БЫРХЫЛ *лейл. к.* бээзи.

БЫРЧЫК *пам.* 1. көгөндүн көзчөсү; 2. *өзг.* буурчак; *мектептин огородуна бырчык айдалды.*

БЫРЫК *лейл.* жаман – жуман нерсе; *бөдөнөнүн бырыктары барвайт.*

БЫСМЫЛ *өзг.* жаранын бир түрү.

БЫСТЫР *түшт.* далдаага жашыр, бекит; *быстырып койгон деп айтышты.*

БЫСТЫРМА *өзг.* буктурма; *Жакыптын тогуз амалы, токсон тогуз быстырмасы бар.*

БЫТКЫЛ *жерг.* 1. тоодогу үстү жалпак дөбөчө жер; 2. *өзг., батк.* кичирээк кокту – колоту бар жер; *биз барган жер быткыл-быткыл келет экен.*

БЫТМЫЙ 1. *түнд.* абдан коюу жасалган көжө, кесме; 2. солк этпеген, былк этпеген энөө адам; 3. *өзг.* кичинекей бала.

БЫТПЫРДАЙ *тяньш.* быкбырдай; *бытпырдай жайнаган калың кой.*

БЫТЫГЫЙ *тал. к.* бытыкый.

БЫТЫКЫЙ *өзг., тал., жжол.* 1. кичинекей, быйтыгый; *бытыкый бала;* 2. майда, жаш; *бытыкый малга бата кыл;* 3. *тал.* бир аз, бир кичине; *майынан мага бытыкый берип койчу.*

БЫТЫР: **бытыр-бытыр** *түшт.* тыпыр – тыпыр (метатеза); *бытыр-бытыр бытыратып, көгөртүп туруп жыгып алдым, кызартып туруп сууруп алдым* (таб. мал мууздоо).

БЫТЫРАТ *ош.* тыбырат.

БЫТЫЧА *жетг. к.* мыкча; *кичинекей кутуча, ичи толгон бытыча* (таб. ширенке).

БЫХ (х тыбышы көмөкөй менен жоонураак айтылат); быкый; *быхх, карачы, жаман экен.*

БЫЧАК *ыск.* апийим тилүүдө колдонула турган эки же үч тилгичи бар курал; *апийимдин бычактарын оңдоп кой;* **анжийан бычак** *карс.* уч жагына айдын элеси түшүрүлүп, жээгине сай чыгарылып жасалган бычак; *азыр эми анжийан бычак көп жасалат* (бул бычак Анжияндагы усталар тарабынан көп жасалгандыктан жогоркудай аталып калган); **чус бычак** *алб., жжол.* кылыч сымал чонураак жасалган, кайкыраак келген, учу учтуу бычак; *сол капталында чус бычак;* **шаар бычак** *тяньш.* заводдон жасалган бычак; *келе, шаар бычакты;* **бычак учу** *ыск., чүй., пам., жерг. к.* аламач; *Жөтөгүстө бычак учу, аламач, ак ийрек дейт* (бул оюулар шырдактын четине, ортосуна түшүрүлөт).

БЫЧАЛГА *атб., өзг.* 1. малдын оорусунун бир түрү; 2. *өзг.* малдын

жипке чалынып өлүшү; *торпок бүгүн бычалга болуп өлүптүр.*

БЫЧАН *өзг., түшт.* 1. пычкан; 2. бышып жетиле элек эгиндин сабагы.

БЫЧАНЧЫ *лейл.* чөп чапкан адам, чалгычы; *бычанчыларга ыстык аш кылып берсин.*

БЫЧКЫЛЫК I *жерг.* бычып – иштөөгө дайындалган кездеме; *бычкылык көйнөк апкелиптир.*

БЫЧКЫЛЫК II *ыск.* бычуучулук; *мындай бычкылык ишиңди таштачы.*

БЫЧМАЛ *ичк.* 1. бычылган топоз; *бычмал топоз алып келсең, кырга минсек;* 2. *жжол.* төрт тиш чары кой.

БЫЧМАЧЫ *түнд.* 1. ар кыл кийимди бычууга адис аял; 2. *түшт.* териден жасалуучу, өзгөчө, тонду жакшылап бычып, тигүүчү аял.

БЫЧЫМЧЫ *түшт.* сынчы, баа берүүчү; *өз бактысына өзү бычымчы болгон эле.*

БЫШ *тал.* сууга матыруу, чумкутуу; *уйалгандарды суwга бышалы;* **быш этпес** *өзг.* жородо бозону бир дем менен тынбай ичет.

БЫША *атб.* ээликтегенди билдирген сырдык сөз; *быша, катын болуш!*

БЫШАЛА *тал.* быштыгый, быштыйган сары.

БЫШАҢ *түнд.* 1. чаначтын оозун бекитүү үчүн жыгачтан жасалган кыска, чолок таякча; 2. *атб.* энесин эмбес үчүн кулундун мурдунун үстүнөн тилип тагылып коюлган жыгач калакча; 3. *өзг.* жылкынын эки таноосун тилип салынган тилме тамга; *жылкыга башаң салат* (илгерки басыз уруусуна тааңдык болгон эн – тамга); **бышаң** *чүй.* бышылдак; *бышаң мурун, кашка тиш.*

БЫШКЫЧ *түнд.* бир нерсенин быша тургандай нерсе; *бышкыч кайда, суу токтоп калыптыр, бышып койойун.*

БЫШМАНА *чүй.* мелдеш үчүн алдын ала чыгарылган акча, буюм.

БЫШМЫЙ *жумг., ыск.* мышмый; *бышмыйган, ата көрү, ошентип бышмыйып тура бер.*

БЫШМЫК *жумг.* мышмык; быштайган арык, кичирээк, бети чүрүш адам; *аа, бышмык, баатыр келатат, кел бери.*

БЫШТАҢ *жжол.* 1. кооздолуп жасалган кайыш басмайыл; 2. *чүй.* көрпөчөнүн астынан аттын чандырына тартылуу кайыш; **кайма быштаң** *өзг.* кайылып тигилген быштаң; *кайма быштаң кардыда, алтын каш эгер белиде.*

БЫШТЫ *жерг.* жашынмак ойнунда жашынып бүткөндөн кийин айтыла турган сөз.

БЫШЫМ: **эт бышым** болжолу эки, эки жарым сааттык учур; **козу бышым** болжолу бир жарым, эки сааттык учур; **сүт бышым** болжолу он беш – жыйырма мүнөттүк убакыт.

– В –

ВАЗВАЗ *жжол.* кездеме менен соода кылган киши.

ВАЗИР *түшт.* кечирим; *чайдан соң, вазир сурап чыгып кетти.*

ВАЙ I: **вай–вууй** *өзг.* ой – боой; *вай–вууй, уулум атка мингенге жарап калыптыр.*

ВАЙ II: **вай билек** *батк.* жоон билек.

ВАЙ III *ош.* апей; *вай, молдо жигит, бери келиң;* **вай–вай бетим** *батк.* бетим и – и – ий бетим!

ВАЙВАЙЛА *зам.* бой – бойлоп ыйлоо, өкүрүү (өлүк койгондо); *вай–вайлашып ыйлоwго бай тейиттей эл таппайт.*

ВАЙЛА *жерг.* таң калууну билдирген сырдык сөз; *вайла, әжәп кызык киши экен.*

ВАЙМА *жерг., зам.* 1. убайым; 2. коркутуу, үркүтүү; *көп вайма кылва;* 3. апыртма.

ВАЙРАТ: **дат вайрат** *ноок.* жаңжал, өкүрүк; *Камчывек дат вайрат кылып ыйлай берди.*

ВАЙРОН *жерг.* тымтыракай; *окшотуп тепсе хәмәсинин вайрону чыгат* (сал. таж. вайрон).

ВАК *жерг.* убак, маал, учур; *кайсы вакта келесиң?*

ВАКТЫ – СААТ *батк.* кезек – кезеги менен; *вакты–саат барып калат;* **вактыңыз чакпы?** *жерг.* 1. убактыңыз тарбы, жокпу?; 2. көңүлүңүз жакшыбы, ден соолугуңуз кандай; *ата, вактыңыз чакпы?*

ВАКТЫРААК *жерг.* 1. эми эле, азыр эле; *вактыраак чыгып келем;* 2. *жерг.* жанараак; *вактыраак кегениңде жакшы болот эде.*

ВАКЫЙАЧЫ *жерг.* вахиолук; *вакыйачыга колуңун учуну берсең билегинен кармайт* (мак.).

ВАКЫЛ *өзг.* карасанатай; *элдин мүлкүн уурдаган вакыл адам.*

ВАКЫЛДЫК *өзг.* карасанатайлык; *адамдарга вакылдык кылып жүрүп эмне болдуң?*

ВАКЫМ *зам.* 1. Кокон хандыгынын учурунда мечитке бөлүнүп берилген жер участогу; *ол мурда вакымды йәм ээлеген;* 2. багар – көрөрү жок, же дүр – дүйнөсүн башка бирөөгө ыйгарбай дуба үчүн ар кимге бере берген адам; *мүлкүнү ким жесе, дува кыса болду, шуну вакым дейт;* **вакым әвлоди** *түшт., тар.* Кокон хандыгынын учурунда укум – тукумга өткөрүлүп келинген вакым жер; **ак вакым** *түшт., тар.* Кокон хандыгынын учурунда алык – салыктан бошотулган «вакым» жер; **кара вакым** *түшт., тар.* Кокон хандыгынын учурунда салык төлөөдөн бошотулбаган «вакым» жери; **вакым кадресе** *түшт., тар.* түшүмдүн ондон бир бөлүгү салык үчүн төлөнүүчү «вакым» жери; **вакым наме** *түшт., тар.* Бухара, Кокон хандыктарынын тушунда сатылган, сатылып алынган жер участогу жөнүндөгү документ.

ВАКЫТ *жерг. к.* вак; *вакыт жок дос.*

ВАЛ *тал.* тамеки тигилген майда арыкча.

ВАН *батк.* жетишээрлик нерсе.

ВАҢЫЛДА *батк.* зуулда, албыртта; *от ваңылдап күйүп жатат.*

ВАПА *пам., түшт.* апа; *вапа көрвөптүр.*

ВАРАКТА *батк.* боркулда; *варактап кайнап жатат.*

ВАРЫН *жжол.* устун; *кесе, варын, кош кулак, көйрө, бадам деген сөз бар.*

ВАСВАС *ичк.* азгыруу, түртүү; *шайтан мени васвас кылды.*

ВАСКА *батк.* буйрук.

ВАСТА: **васта жүк** *батк.* үйдүн узунунан коюлган матке жыгачы.

ВАТАН *зам.* родина, ата мекен; *атадан алтоw болсоң, ватаныңда жылгыз* (мак.).

ВАТВАЙМА *батк.* тың, чыйрак.

ВАТВАЙМАЛАН *батк.* тыңсын, чыйраксын; *койчу, Бурул, сен көп эле ватваймаланып жүрсөң..*

ВАЧА: күү вача *жжол.* күнүлөш; *күнү вача, күмүш үйлүw күйөw.*

ВӘ *жерг.* жана; *сак вә саламат туравысың?*

ВӘӘНӘ *өзг.* чума оорусу; *мурун элди вәәнә каптаган.*

ВӘӘС *ичк.* кыйкырык, чакырык; *вәәсә кылсам кевейсиң.*

ВӘДӘ *жерг.* увада; *вәдә берип келди.*

ВӘДИ *зам.* өрөөн; *Паргана вәдисинде туравыз.*

ВӘЗИЛ *лейл.* маал; *жаз вәзилидә кырк күн алат.*

ВӘЗИФӘ *жерг.* кызмат, амал; *жаз вәзилидә түшө элексиңби?*

ВӘЗМИН *батк.* тартынчаак; *өзү бир аз вәзмин бала.*

ВӘЙСИ *жерг.* келжире; *вәйсий бересиң.*

ВӘЙСИЛ: **вәйсил ата** *пам.* ойсул ата; *ажап кыпсың вәйсил атадан гәп салып.*

ВӘК–ВӘК *пам.* «үвәк» аттуу канаттуунун үн чыгарышы.

ВӘКЛИ *жерг.* өкүл.

ВӘЛИ *батк.* билерман.

ВӘЛИК *батк.* арабанын ок жыгачы; *вәлик, допу, торпок, экеш.*

ВӘРӘКӘ *суз.* пахтанын кош баш алган косеги*; вәрәкә таптым;* **вәрәкә самса** *батк., өзг. к.* самса.

ВӘСӘ *ичк.* үйдүн чабагына туура – туура коюлуучу чолок жыгач; *ак чечек вәсә болот.*

ВӘСИЙӘТ *батк.* осуят; *атамдын вәйсийәти эч эсимден кетпейт.*

ВЕР *батк.* ий; *кавыңды жоготуп вердим эде.*

ВИДЕ *жерг.* беле; *сен шаарга барвас видең?* (суроо уланды «бы» мүчөсү менен «эле, эде» деген сөздөн).

ВОУВ: **воув–воув** *пам.* машинанын өр жерге чыгардагы үнүн туураган сырдык сөз; *мәшинә воув–воув деп араң чыкты.*

ВОШ *лейл,* өш; *сыйыр ичип жатат, вош дейимби?*

ВЫЙТ: **выйт–выйт** *ноок.* балапандарды жем – сууга чакырганда колдонулуучу сырдык сөз.

– Г –

ГААЗАП *пам. к.* газап; *гаазапка түшкөн кайран баш.*

ГААКУРУК *лейл.* 1. турна; 2. *лейл., пам.* балдардын ойну (бир канча бала биригип, бири – башчы, бири – ууру, бири – бөрү, калганы – кой болуп, ууру менен карышкыр койду ала качууга аракет кылып ойнойт); *гаакурукту келин–кыздар ойнор эде*; 3. *зам.* аңыр.

ГАВ *батк.* тууранды сөз (шамал, бороондун шуулдаган, зуулдаган үнүн тууроо); *гав–гав деп турат шамал.*

ГАВАПКА *ноок.* жипке тизилип кургатылган тамеки; *гавапканы оңдовой эле койсо бовойву?*

ГАВАР *тал.* жерге жайылып, кызыл урук алып данын ит жей турган өсүмдүк; *гавар – талаа өсүмдүгү.*

ГАВАРАТАЛ *жерг. к.* атаргавар; *мәңгиртоп, тоотмек, апыл–тапыл карай куш, дәңгил, дүмкәлтәк, гавартал ойундары ойнолот.*

ГАВЖА: **гавжа–гавжа** *жерг.* балжа – булжа; *гавжа–гавжа болдук.*

ГАВРАН *лейл.* уй айдай турган чыбык; *жер түвүндө өл гавран* (таб. жылан).

ГАВУЛДА *пам. к.* гавылда.

ГАВУС *батк.* чыйрак, бышык; *гавус болсоңчу, балам.*

ГАВХАР *жерг.* каухар; *сиздерде гавхар тавылат го.*

ГАВЫЛДА *батк.* дуулдоо, зуулдоо; *шамал гавылдайт.*

ГАДА *жерг.* 1. чабак жыгач (узунунан, туурасынан сериге таштaлуучу буткасыз, ичке, кургак жыгач); 2. *батк.* устун; *тамга гада жаткыздык.*

ГАДАЙАТ *батк.* мойнун кайкайтып калуу; *мойнун гадайаткан бойдон калыптыр.*

ГАДАЛА *батк.* бир нерсени кесип бутоо; *Асан, талдарды гадалап койчу.*

ГАДАМАК *пам.* ордонун чүкөсүн кадап, чертип ойноо; *гадамак ойногонду биле бекен?*

ГАДАМАКЧЫ *пам.* «гадамак» ойнун жакшы ойногон адам; *Топчувай деген киши кыйын гадамакчы болгон.*

ГАДУW *пам.* кыя жол; *мерген гадуw жол жүрдү.*

ГАДУWЛА *пам.* кыялоо; *ат менен гадуwлап чыгып бар.*

ГАДЫ *пам.* кыялоо; *гадып өтүп, кәсәлмән энемди көрүп келейин.*

ГАДЫВ *пам. к.* гадуw.

ГАДЫВЛА *пам. к.* гадуwла; *кийик/к/е гадывлап жөнөдү.*

ГАДЫМ *зам.* кадам; *үйдөн сuwга чейин алтымыш гадым.*

ГАДЫМА *ичк.* 1. кыя жол; *Жow желимдин жолу – гадыма*; 2. *лейл.* канжыга; төтө жол; *гадыма жолду тоскомун.*

ГАДЫРАН: **галва–гадыраң** *пам.* чыр – чатак; *галва–гадыраң болуп түндөсү уктавай чыгат экен.*

ГАЖАЙЫП *өзг., чатк. к.* әжәйип адам.

ГАЖАК *зам.* бетти жаап, түшүп турган чач; *бетин гажак баскан кыздарды көрдүм.*

ГАЖАРЫ *пам.* 1. көчөттүн, сайманын бир түрү; *гажары кол менен терилет*; 2. «гажары» көчөтү түшүрүлгөн, эни 30 – 35 см. келген, жүндөн кооздолуп саймаланган таар; *гажарынын асты жагы жип бойдон калат* (гажары кол менен терилип согулат да, асты жагы жип бойдон калып, үстүнө «гажары» көчөтү түшүрүлөт. «Гажары» түштүктө, Жерге – Тал менен Памирде,

Синьцзяндагы кыргыздарда жасалат. Ал жумшак, жылма, жука келет. Жиптери ак, күрөң, кызыл, көк, мала түстө болот. Анын: «таракча», чатышма, тумарча, ийрек, ит куйрук, кочкорок, кочкор мүйүз, кайкалак, кайчы, пашайы көчөт, омуртка, ит таман, сүлөwсүн тырмак, такта көчөт, беш кеште көчөт, кыйал, багжагай, карга канат, таракча, кылыч, ай нуска» атуу орнаментери болот. Бул «гажары» кээ бир жерде – Оштун түндүк райондорунда «букары» деп аталат. «Гажары» деген термин өзбөк тилинин говорлорунда да айтылат).

ГАЖАШКААК *батк.* кажагай; *гажашкаак ат экен.*

ГАЖЫМ I *түшт.* жүн жиптен тоголок баш кылып токулган чачы; *гажымын салпылдатып төрөмдүн баласы кайта чапты;* **токмо гажым** тердик, куржун ж.б. түйүлүүчү чачы.

ГАЖЫМ II *зам.* кыжым; *кызылдан гажым салайын кыз кыйалдуw башыңа.*

ГАЗ I *түшт., пам.* 1. каз; *өрдөк менен келди газ, өлвөгөнгө болду жаз* (мак.); **газ айак** *жерг.* сайманын бир түрү (каздын таманы түшүрүлгөн сайма); *газ айак экен го* («газ аяктын» бир канча түрлөрү бар, бирок негизги элементтери окшош. Кээ бир жерде бул сайма гүл, тал бәрки, үч бармак, карга тырмак, карга пут, тоwук пут» деп да аталат); 2. жердин аты; *кыз тандасаң тазга* (уруунун аты) *бар, тава алвәсәң Газга бар* (мак.).

ГАЗ II *суз.* оордук, салмак; *пахтанын газы калвай калды.*

ГАЗА *зам., батк.* тор жайылып, тузак тартыла турган жер; *тор жайган киши газга кетиптир;* **газа күйү** *батк.* бүркүт, куш кармоо үчүн тор жайып күтүп жатуу.

ГАЗАВАТ *түшт.* дин үчүн күрөш; *дин бузар каракчыларга газават жарыялган* (мазмуну боюнча газават үчүн болгон күрөш реакциячыл болуп эсептелген. Диндик урааңды жамынып жергиликтүү реакционерлер жаңы прогрессе – Совет бийлигине каршы күрөшкөн).

ГАЗАВЫ I *өзг.* 1. мыкаачы; 2. *өтм.* кызыл камчы эркек; *жүдө йәм катын газавы киши.*

ГАЗАВЫ II *өзг., жжол.* сазай; *кыйңап газавын берди.*

ГАЗАЛ *түшт., жерг.* 1. казал; 2. аарынын зуулдап ары – бери учушу; *газалдыны окуган, галвырыны токуган* (таб. аары).

ГАЗАЛА *лейл.* чымчыктын бир түрү; *газала кирип кетти камышка.*

ГАЗАЛАЙ *зам.* канаттуунун аты (көбүнчө адырларда болот); *газалай жеп бywдай ала чыкты.*

ГАЗАМБУР *жерг. к.* гәзәмбир.

ГАЗАН: **газан болду** *зам.* түгөндү, бүттү; *алмалар газан болду.*

ГАЗАҢ *жерг.* 1. токойдун чирип калган жери; *токой газаң болуп жатат;* 2. *лейл., батк.* жыгач өсүмдүктөрүнүн күзүндө күбүлүп түшкөн жалбыректары; *газандарды шыпырып малга бер;* **газан түштү** жалбыректар күбүлдү; 3. *өтм.* көп, жык – жыйма; *пул газан деп койду,* **өмүрүм газаң болуп кетти** ◊ *пам.* күйбөгөн жерим күл болду.

ГАЗАП *түшт.* 1. азап; 2. *пам.* залим; *көпүрө жакын көл ыраак, көрөйүн десем жер ыраак дейсиң, газапсың го.*

ГАЗАПТА *лейл.* азапка салуу; *үкәңди нимеге газаптайсың.*

ГАЗАРЕК *батк.* адырдын күңгөй бет жагына майда, жыш болуп чыга турган өсүмдүк; *газарек малга жүдө жагат.*

ГАЗГАНАК *зам.* өтө жука таш; *газганак ташты атса пырпырайт.*

ГАЗЕНЕК *түшт.* 1. коондун эң

кийинки чыккан майда мөмөсү; *көрвөй турасыңбы, коондун газенеги эле калды*; 2. *батк., лейл.* өрүктүн мөмөсү күбүлгөндөн кийин түшпөй калган тону же катып калганы; *бир топ газенек терип келдим*; 3. *зам.* өсүмдүктөрдүн күбүлүп түшкөн жалбыректары; *жалбырак саргайып түшсө газенек дейвиз.*

ГАЗЧОП *батк.* үйдүн кырларын чыгара турган буюм; *газчөп менен андава экөw эки башка.*

ГАЗЫ *жерг.* дин үчүн бирөөнү өлтүргөндү күнөөсүз деп эсептөө; *өлтүргөндөр газы болот деди го.*

ГАЙВАНА *жерг.* ушак; *адам жок жерде гайвана кыва.*

ГАЙВАТ *пам.* ушак; *балалуw үйдө гайват жок* (мак.).

ГАЙВИЗЕК *пам.* жука жабылган нан, же жаңыдан жука токтогон каймак; *сүттүн каймагы гайвизек болуп араң токтоптур.*

ГАЙНАЛЫ, ГАЙНОЛУ *түшт.* кара өрүктүн бир түрү; *бизде гайналы өсөт* (өңү көк, кабыгы жука, даамы кыйгыл жемиш, жайдын аягында бышат); **кызыл гайнолу** мөмөсүнүн өңү кызыл гайналы; **кара гайнолу** *батк.* өтө ачуу, түсү чымкый кара гайналы; *кара гайнолу пышып каптыр го;* **сары гайнолу** *батк.* түсү бышканда сары келип, ак гайналыдан ачуураак болгон түрү; *коңшуларга сары гайнолудан берип тургула.*

ГАЙРИДИН *түшт.* диндеп танбоо; *кыйанаттык кылва, гайридин болвосоң.*

ГАЙРЫ *пам.* жат; *туwгандан гайры болуп, кимге барасың, балам.*

ГАЙЧ *батк.* кайчылдап туруу үчүн өтүктүн таман аралыгына коюлган жука, кичине, чарым; *гайчты өтүктүн таманыга койот.*

ГАЙЫП: **гайывыдан берүw** *пам.* мергенчи жолго чыкканда айта турган тилек сөзү; *тумагын алыстап кийет, «гайывыдан берүw» болсун деп, жүрүп кетет.*

ГАЙЫР I *пам.* чоочун; *сен туwганыңа гайыр болво;* **гайыр калмак** *батк.* уруунун аты.

ГАЙЫР II: **гайыр таш** *лейл.* таш көмүр сымал тоо теги (отко салса күйбөйт); *гайыр таш – таш көмүр эмес.*

ГАКЫ *зам.* какум; *гакы, майлы камыр, мәйиз, көкнәри, жаңак берсе кекилик мас болот.*

ГАКЫЛДА *ичк.* какылда; *каргалардын гакылдаганы угулуп калат.*

ГАЛ I *пам.* курсак, ич; *галым ачып, ийне сайа алвай отурам.*

ГАЛ II *батк.* жемиш мөмөлөрүнүн бетине түшкөн бүдүр; *кавыгында кара галдары бар.*

ГАЛ III *батк.* саман көмө турган чуңкур; *саман көмсө – гал, буwдай көмсө – орow дейт.*

ГАЛА I *ичк.* 1. улак тартууда эң кызып калган момент, учур; 2. улак тартканда чабандаздардын үйүлүшүп, чогулушуп калган тобу; *жалаң гала ичинде жүрөм;* 3. баш – аламан, кобур – собур жайма сөз; *нимнеге өзүнчө гала курдуңар?;* **гала–гала** *лейл.* топ – топ болуп жүргөн адам; мал; *олор гала–гала болуп жүрөт.*

ГАЛА II *батк., лейл., жерг.* 1. тегирменге тартылган эгин; *тегирменге тартылганды гала дейт;* 2. *жерг.* тегирмен тартканда тегирменчиге натуралдык түрдө берилүүчү акы; *каласына төрт тавак буудай берген;* 3. жалпы эле эгин, дан; *эртеден бери гала сапырдым.*

ГАЛАВА *жерг.* 1. «албарсты» басуу; *түндө мени кара басты, галава кылды;* 2. *лейл.* чатак, чыр; *галава кылып тынчтык берведи.*

ГАЛАГУР *батк. к.* галлагов; *буудайды галагур менен жанчуучу экен.*

ГАЛАТ *өзг.* иш илгерим (алкоо); *сайып келсем ийнем жок деве, галат!*

ГАЛАТЫ *өзг., лейл., зам.* кызык, укмуш; *галаты чоң–чоң мәкә экен* (сал. таж. галаты «кызык»).

ГАЛВА *жерг.* 1. чыр – чатак, жанжал; *галва кылып имне кыласың?;* 2. *өтм.* чогулуп өткөрүлгөн оюн – тамаша; *галва, галва богон жерден калба* (мак.); 3. эрмек; *галва кылып отурат.*

ГАЛВАЛАШ *пам.* 1. чыр – чатакташ; *галвалашпай жакшы иш кыл;* 2. *жерг.* эрмектеш; *бош болсоң кеч келгин, галвалашалы.*

ГАЛВАЧЫ *жерг.* «дарыя» кагып ойногон оюнчу; *сагынып келсем, әкәм жок дейт, галвачы.*

ГАЛВЫК *батк.* чапкынын мизинин өйдө – төмөн чыңалып калышы; *чапкыны галвык кылып таштапсың.*

ГАЛВЫР *ичк.* 1. калбыр; *чычкан ийниге кире алвай, куйругуга галвыр байлайт* (мак.); 2. аары токуган уя; *газалыны окуган, галвырыны токуган* (таб. аары); **жәәнали галвыр** ◊ *лейл.* 1. кулагына кирбей өз билгенин сүйлөй берүү; 2. бирөөнү сөзгө жыгуу үчүн ар кайсынын жамап айтуу; **галвырды сувдан көтөргөндө көрөвүз** ◊ *батк.* жөжөнү күзүндө санайбыз, иш бышканда көрөбүз.

ГАЛГАЛ *пам.* калтылдап титирегендик; *күйөвүдөн коркконудан галгал титирейт.*

ГАЛГУЙДАШ *пам.* кежирлен; *бул бала галгуйлашып жүрөт.*

ГАЛДАГАЧ *жерг.* карлыгач; *тундуктун овзун жаппа, галдагачтын уйасы бар.*

ГАЛДАЙ *батк., суз* 1. жука жайылып кабатталып бышырылган нан; 2. көбүнчө сорпого салына турган жалаңкат жупка; *кээде берчү бир галдай;* **төw галдай** *ар.* чоң жука жабылган жупка.

ГАЛДАЙМА *батк.* кекиликтин чөжөсүнүн темир канат, тоголотмодон кийинки учуру; *кекиликтин чөжөсү галдайма болгон учур экен.*

ГАЛЖА *пам.* калча; *сакаларын галжашып, кимдики консо, шо атат.*

ГАЛЛА I *ал., эск.* календер, мискин дервиштер кийген көп жамаачылуу чапан; *галла кийген үстүнө.*

ГАЛЛА II *жерг.* темин; (көп өгүздү теминге салып, аларга туурасынан жоон жыгач сүйрөтүп эгин бастырылган); **галла кыл** *суз.* кырмандын бетине боолорду чачып темин бастыруу; *галла кылып айдайт.*

ГАЛЛАВАКӘШ *батк.* жыйындагы ызы – чуу сөз.

ГАЛЛАГОВ *жерг.* теминге чиркештирилип кошулган өгүздөрдүн тобу; *галлагов барбы деп дегдеп келсем тайын жок.*

ГАЛТЕК I *жерг.* 1. жука нан жасоо үчүн колдонулган тал үбөлүк; *«алтын–күмүштүн эскиси болбос, ата–эненин баасы болбос» деп, галтек алды да бир койду;* 2. кесилген жоон, кыска жыгач; *галтектин үстүгө чыгып серке ойнойт;* 3. чыгырык; 4. *батк.* 40 – чарык жип; *кыркынчы галтек гана?;* **төw галтек** 10 – чырык жип; **замбар галтек** *батк.* майда – чүйдө ташый турган кол араба.

ГАЛЧА I *зам., лейл.* 1. сөзгө бат түшүнбөгөн, байкоо сезими начар адам; *макоо менен өткөн галча сен турбайвысың?;* 2. *иск.* илгерки кичинекей топ, уруунун аты; *галчалардын чоң атасы тажик дешет.*

ГАЛЧА II *лейл.* 1. кичинекей кал; 2. адамдын аты.

ГАЛЧАКӨЧӨК *жерг.* 1. жердин астынан суусу атырылып чыккан булак (айлампасы менен бирге); *күн ысык болгон сайын галчакөчөктүн суву сувук болот*; 2. жердин аты; *галчакөчөктөн сув ичем.*

ГАЛЫЙМА *батк.* 1. кекиликтин темир канат болуп калган балапаны; *кекиликтин балапаны галыйма болуп калыптыр* (сал. тоголомо).

ГАЛЫМ *пам.* 1. жука тилинген нерсе; 2. жороптолгон зат; *көрөйүн деп мен келсем галым кылып койгон турвайвы.*

ГАЛЫМДА *пам.* 1. бир нерсени үстүн жукалап тилүү, кесип алуу; 2. бир нерсенин үстүн жукалап жороптоо; *ак сандыктын путу элең, энди галымда;* 3. *зам.* куйрукту жалпактап кесүү; *галымдап куйрук чайнаган.*

ГАМ: **гам басты** *батк.* бир адамды бир топ адам басып алышы; *ак үйүмдүн куту элең сени да гам басты;* **гам бер** *жерг.* азап көрсөтүү; *телторуга көп гам бердилер.*

ГАМВА *батк.* наабайчылардын камыр жуура турган идиши; *илгери наавайчынын бир гамбасы бар экен.*

ГАМЗЫМ *чүй.* кийимдин аты; *гамзым, кийим жок бекен?*

ГАМПА *батк.* 1. тегирмендин, жаргылчактын буудай, арпа ж.б. салына турган көзү; *тегирмендин буудай салынчу жери – гампа*; 2. *иск., чүй.* эгиндин түшүмү жыйыла турган склад; *кампага эгин жык толду.*

ГАМЫДАР *жерг.* боюнда бар аял; *мана шу катын гамыдар экен.*

ГАНА *батк.* 1. жибек куртуна салынган тыттын желбей калгандарын тазалоо; *жевеген тыт жыгачтарын ганайт*; 2. шилөө; *саманды агылдын төрүгө гана.*

ГАНАК *ош.* жибек куртуна салынган тыт жалбыректарынын калдыгы; *ганакты серелерден тазалайт.*

ГАНАР *лейл. к.* канар; *ганар каптарга саман толтургула.*

КАНДА *өзг.* өстөн арык; *жырып казды ганданы.*

ГАНЖУР *жерг.* ар кыл казына буюм сактала турган жай; *онун эки ганжуру болот.*

ГАНЖЫГА *ичк.* 1. малдын оң кулагына салынган үч тилик эн; 2. канжыга; **учу ганжыга** *батк.* канжыга эндин бир түрү (кулактын учуна салынган); **кош чек, учу ганжыга** *батк.* бир кулакка жалгыз «канжыга» жана кош туура тилик салынган эн; *кош чек учу ганжыга кыл.*

ГАНЕК *ичк.* боолонган эгиндин, чөптүн, беденин чөмөлөсү; *оо, Кырколдо канча ганегиң бар;* **көр ганек** *башы ичке каралып, бири–бирине бастырылып чөмөлөнгөн эгин* (боз үй формасында); *бувдайды көр ганек кылып кой.*

ГАНЕКТЕ *ичк.* эгин, чөп, бедени чөмөлөө; *бүгүн чөптү ганектеп койгула.*

ГАНЧЫ *батк.* илгери 10 – 15 койчунун үстүнөн караган адам; *койчу, ганчылары келип кетет.*

ГАН *түшт.* пилла курту жалбыректарын жегенден кийинки тыт бутактарынын сөңгөгү; *куртту ганаш керек, ган көвөйүп кетиптир.*

ГАНДАШ *батк.* пула куртунун астынан тыттын бутактарын сууруп алуу; *колуң бош болсо гандашып берчи?*

ГАҢКУРУК *лейл.* 1. каркыра; 2. турна; 3. турна; 4. оюндун аты (*к. сал.* гаакурук); *гаңкурук ойноп жүргөндө энеси каза болот.*

ГАҢГУ *батк.* темир балка; *гаңгу менен темир чаптым.*

ГАҢГУҢ *батк.* кобур – собур; *бәйә Әшиллә гаңгуң деп атат эде.*

ГАҢЫТ *лейл.* каңтар; *жөн эле гаңытып бәйләп койдум.*

ГАПСАЙ *жерг.* үксөй, саксай; *кавырга жүнү гапсайат.*

ГАПЫЛ *зам.* байкоосуздан билбей калгандык; *гапыл калвасам, билет эдем да.*

ГАР I *батк., пам., ал., жерг.* суу жеп кеткен жар; *арыкты гар кылып кетиптир;* **гардын айагы** *жерг.* 1. суу жеп кеткен жердин түзөңчө тарткан этек жагы; 2. жердин аты; *гардын айагы деп айтат;* 3. *зам.* үңкүр; *Әнәл гарга кирип кетет.*

ГАР II *түшт.* 1. кор, бечара; *гар болду;* 2. *пам.* туруксуз адам; *ол гар киши.*

ГАРАЗЫ *пам.* 1. айла; *мал бервестин гаразында калдыңбы?*; 2. *лейл.* максат, тилек; *пул алыштын гаразыда айылдын малын багат.*

ГАРАМ I *лейл., суз., батк., өзг.* 1. чоң чөмөлө (гарам чөмөлөдөн чоңураак салынат); *биз бедени гарам кылдык;* 2. үймөк; *гарам–гарам кылып үйүптүр.*

ГАРАМ II *пам.* чыр; *ол айавай гарам.*

ГАРАП *ар.* 1. бир нерсенин жок болуп кетиши; *жылкылар гарап болду;* 2. баркы төмөндөө, баркы түшүү, жеңил баа болуу.

ГАРГАР *түшт.* бозочу; *алдамчы гаргарлар миңдубананын уругун бозого кошуп койгон* (бозо күчтүү болсун деген максат менен илгери айрым бозочулар мендубананын уругун аз–аздап бозого кошуп коюшчу экен).

ГАРДАН *пам.* тамак, кекиртек; *гардандын айы үчүн атасы кайра катып алат.*

ГАРДЫМ *өзг.* чыны; *гардымга чайдан куйуң.*

ГАРЖАЙ *жерг.* делдей; *пүчү өрүп кой, чапаны гаржайып калвасын.*

ГАРК *батк.* сууга чөктүрүп жок кылгандык; *мен гарк кылып живеремин деген экен.*

ГАРКЫРА *ичк.* кооз гүлдүү нерсе; *бир күнү атасы гаркырасы бар нерсе алып келди.*

ГАРКЫРАЛУW *ичк.* 1. гүлдүү, саймалуу; *гаркыралуw тооздой өзүңүзгө куштармын;* 2. *батк. өтм.* турмушка чыга элек кара далы кыз; *карды жарык чалга бар, гаркыралуw кызга бар* (киринелеген сөздөн).

ГАРЛЫК *жерг.* 1. жең ичинен жымыргандык; билдирбей алгандык; *уwрулук менен гарлык эшектин коргoлуна жашынат, шамал болсо тез эле ачылат* (мак.); 2. куйтулук; *карыганча гарлыгың калвады.*

ГАРМАН *суз.* күрүч эгилген жерге суу бөлүп токтотуп койо турган аянтча; *гарманды жөнгө салам деп бала макул болот.*

ГАРПЫН *карс.* карпып тоюнуу; *бир аз гарпындым.*

ГАРЦ *баткч. к.* гарч; *тоwдон ак гарц терип келдим.*

ГАРЧ I *жерг.* өсүмдүктүн аты; *Таш–Булакка гарч көп чыгат* (бул өсүмдүк козу карын сыяктуу болуп, жайлоолордо өсүп, күн канчалык болсо, ал ошончулук көп чыгат. Гарч Чоң – Алай, Жерге – Талда көп болот. Жергиликтүү эл аны майга кууруп тамак катары жешет. Көз оору, без ооруга жанчып кургатып, жылуу сууга жибитип тартат, чайыр менен шибер чөптүү жерлерге чыгат. Өңү ак болот); **тал гарч** *жерг.* тепек; *ак гарч, тал гарч бар.*

ГАРЧ II *батк.* картанын чилдиги; *күзүр гарчпы?*

ГАРЧ III *ичк., түшт.* бут кийимдин апкытына коюла турган тери, жука жыгач (басканда карчылдап үн чыгарыш үчүн коюлат); *өтүгүнө гарч койуп тигиптир.*

ГАРШ *пам.* кас; *бәәриси байга гарш болду* (к. гаш II).

ГАРШТА *лейл.* карч уруу; *чымынча жанды гаршгайын.*

ГАРЫ *жерг.* аракеттен, тынч жапта; *боло алвасаң гарый бер.*

ГАРЫП *ичк.* карып; *атты арыгыда, эрди гарывыда көр* (мак.).

ГАРЫШ *жерг., жжол.* 1. карыш; 2. *жжол.* тоо текенин жаш өзгөчөлүгүн ажыратуу жолу; *бир гарыш бир жаш; эки гарыш эки жаш...* (тоо текенин жаш өзгөчөлүгүн ажыратуу он эки карышка чейин айтылат); **беш гарыш** *жерг.* оюндун аты (балдар эки топко бөлүнүп, эки бала жерге отуруп, белгилүү аралыкта карышын жыйып турат. Экинчи топтон бирөө келип секирет. Кокус этеги карышка тийип кетсе, жыдып, берки топтон беш бала чогуу ыргыйт, Ыргый алышпаса, ошол топко кошулат).

ГАСТЫНА: **гастына шуру** *батк.* шурунун бир түрү; *гастына шурусун алып барып, кайра алып келиптир.*

ГАШ I *ичк., зам., лейл.* 1. ачуу, каар; *гашымды келтирдиң;* **көөнүм гаш** көңүлүм чөгүңкү; 2. бир нерсенин кыжылдап ачуу, жин нерсеге айланышы; *ичкеним жаман гаш болду.*

ГАШ II *зам., батк.* каршы, жоо, кас; *агайин менен гаш болот* (к. гарш).

ГАШТЕК *лейл. к.* гәштәк.

ГӘ: гә–гә *батк.* кушту жемге чакырууда колдонулуучу сырдык сөз; *Акмат ташта отурган кушун гә–гә! – деп, жемге чыкырды.*

ГӘӘ *жерг.* кээ; *гәәси кургап өтөт, гәәси сувлап өтөт;* **гәә–гәә** анда – санда, сейрек, чанда; *айув от гәә–гәә өсөт.*

ГӘӘДӘ *пам.* кээде; *гәәдә жигит жүйөв жүрөт, гәәдә жигит төв минет* (мак.).

ГӘӘДӘЙ *пам.* кедей; *гәәдәй киши экен.*

ГӘӘЗГИ *өзг.*, кээ бир; *гәәзги аттар кашек чыгарвай жейт* (сал. бәәзги).

ГӘӘЛ *өзг.* кожогойлук; эпсиздик; *козголбостон солойгон балдарыңдын гәәли.*

ГӘӘЛӘЙ *лейл.* суюк; *эчкинин сүтү гәәләй, эчкини минген бетәәләй.*

ГӘӘҢГИ *жжол.* оорунун аты; *илгери гәәңги деген овру көп эде.*

ГӘӘРИ *лейл.* жаман; *ээ, гәәри кул кайда өлвөгөн.*

ГӘБЗӘН *жерг., лейл.* 1. чечен; 2. *өтм.* акылман, сөз тапкыч; *жаным бурак гәбзәним.*

ГӘВӘ: **гәвә козу** *пам.* күрпөн; *гәвә козулар менен жәйлөвгө көчөвүз.*

ГӘВДИРӘК *батк. к.* гәвжирәк.

ГӘВЖИРӘК *батк.* бир бети агып түшкөн дандыр нан; *нан гәвжирәк болуп калыптыр.*

ГӘВЗӘН *жерг.* кайберендер көп жүрүүчү жол; *жүрүп отуруп бир гәвзәнгә жолугат.*

ГӘВИЛ *зам. к.* көөл.

ГӘВУШ *суз.* галоша, көлөч; *гәвуш кийип жүрдүм.*

ГӘВХӘР *түшт.* көөхар; *олор гәвхәр таап алган экен.*

ГӘГӘ *пам.* кээде; *гәгә ол ачувланса, гәгә күлдү.*

ГӘГӘК *батк.* канаттуунун аты (тумшугу тогологураак, канаттарынын асты сары ала келип, өңү кара болот. Көбүнчө жайлоо жерлерден жолугат); *гәгәк – гә–гәк деп үн чыгарат.*

ГӘДӘ *жерг.* тилемчи, сурамчы; 1. *бүрөвдүн элиде падыша болгуча, өз элиңде гәдә бол* (мак.); 2. *бүгүн – пәәшә, эртен гәдә* (мак. сал. таж. гадо).

ГӘДӘЙ *пам.* кичине чыныны бир түрү (түбүндө сырткы кырбысы жок жумуру болот); *гәдәй пийәләни сындырып койдум.*

ГӘДӘЙИЧИ *пам.* сурамчы; *неме ыйлап отурасың деп бир гәдәйичидән сурайт.*

ГӘДӘЙИЧИЛИК *пам.* сурамчылык; *онун күнү гәдәйичилик менен өттү.*

ГӘДӘЙМӘН *зам.* мышык; *гәдәймәнди алып кетет деп балага түшүндүрөт.*

ГӘДӘЛИК *лейл.* тилемчилик, сурамчылык; *биттә кәттә көчөгө гәдәлик кылып кеткен.*

ГӘДӘН *ичк.* жалкоо, сурамчыл киши; *о, элги гәдән киши келиптир.*

ГӘДИК *түшт.* 1. жетим козу; 2. *пам.* меринос кой; 3. кидик; *бир гәдик бала таап алат;* 4. *зам.* бели кыска, куйругу кичине жергиликтүү кой; *гәдик койду сойуп, экиге бөлдү.*

ГӘДИМУРЧ *пам.* өсүмдүктүн аты (кичинекей тегерек көк гүлдүү келип, кыска болот да, суунун жээгине чыгат. Илгери жергиликтүү адамдар муну чай катары кайнатып ичишкен); *тезек терип жүрүп, гәдимурч ала келди.*

ГӘДИР *өзг.* кежир; *сиз гәдир адам экенсиз.*

ГӘДИРӘЙ *батк.* кодурай; *Ысактын гәдирәйип келатышыны көргүлө.*

ГӘЖ *пам.* чыр, чатак; *сендей гәж адамды дүндүйәдән көргөн эмесмин;* **гәж-гүж** *батк.* каж – куж; *гәж-гүж кылып отура берет.*

ГӘЖӘӘРИМ *өзг.* ат жабуунун бир түрү; *үйүнө гәжәәримди алып кетти.*

ГӘЖӘВӘ *түшт.* 1. кичине сандыктын бир түрү; 2. *зам.* жетим козу; *сүт бердим эде, гәжәвә тойуп алды.*

ГӘЖӘК I *суз.* саамай чач; *илгери кыздар гәжәк койор эде, шумдугун кургур энди балдар койо турган боптур.*

ГӘЖӘК II: **гәжәк-гәжәк** *жерг., батк.* ийри – муйру; *бир кушум бар ажап-ажап, куйруктары гәжәк-гәжәк, эми келип көрөрсүң, күлүп-күлүп өлөрсүң* (таб. чаян).

ГӘЖИ *өзг.* эзип суроо; *тез-тез эле гәжип сурай бересиңби?*

ГӘЖИНӘ *батк.* ар кыл нерсе коюу үчүн үйдүн буручунан тосулуп коюлган тосмо; *үйдүн бурчундагы гәжинәдә кетмен бар, алып кел, Бакир!* (Памир тарапта ал «ганжыр» деп аталат).

ГӘЖИН: гәжин-гүжүң *өзг.* калжың – күлжүң; *бир күнү гәжиң-гүжүң сөзгө кавылат.*

ГӘЖИР *түшт., ичк.* 1. кежир; 2. кыйык; *айавай гәжир бала экен.*

ГӘЗ I *түшт., пам.* жетимиш – жүз см. өлчөмүндөгү узундук.

ГӘЗ II *зам.* тоонун бели; **гәз мойнок** бел мойнок; *эгиздин башы – гәз мойнок.*

ГӘЗ III: **гәз-гәз** *пам.* кез – кез; *сен гәз-гәз келип турсаң.*

ГӘЗ IV: **гәз-гәз** *батк.* баланы тай – тайлатып тургузуп, бастырып үйрөтүүдө колдонулуучу сырдык сөз; *әй гәз-әй гәз, туруп койчу бир мәртә.*

ГӘЗӘ I *жерг.* ой, чуңкур; *байа койлор чүкүрү гәзәгә карай ашты эде.*

ГӘЗӘ II *жерг.* 1. улар көп топтолуп түнөөчү, же дайыма бир из менен жүрүүчү жер, орун, жай; 2. аң уулап, өңүт кылуучу орун; *эгизге чыксаң гәзә бар;* **уwлар гәзә** *жерг.* 1. улардын дайыма бир из менен жүрө турган жери; 2. жердин аты; *Уwлар-Гәзә – жайлowдун аты;* **гәзә күйүп жүрөт** *батк.* аң уулоо үчүн ар кыл тор тартуу.

ГӘЗӘ III *зам.* тоонун бийик жериндеги урчуюп чыгып турган дөбөчө; **таш гәзә** 1. бийик тоодон оркоюп чыгып турган таш дөбөчө; 2. жердин аты; *Таш-Гәзәдән суw алган.*

ГӘЗӘ IV *пам.* 1. кекетүү; *сен мени неге гәзәйсиң?*; 2. кезе; *мылтыкты гәзәгән жәмән.*

ГӘЗӘВӘЙ *карс.* дары заттар сакталуучу жай; *гәзәвәйдә беш тоннадан ашык даары бар.*

ГӘЗӘК *лейл., батк.* 1. үшүк; *кәртишкәни гәзәк алып кетиптир*; 2. таш кесек; 3. *пам.* каниет болбогондук, алымсынбагандык; *бул тамағың бизге гәзәк боводу.*

ГӘЗӘЙКӘЛӘҢ *зам.* 1. бийик чоку; 2. жердин аты (таж. гәзәни «бийик», кәлән «чоку»).

ГӘЗӘКТӘ *батк.* таш кесектөө; *кәмбагалдын жарасы гәзәктәп алыптыр.*

ГӘЗӘМБИР, ГӘЗӘМПИР *жерг., пам., ал.*, аттиш, кычкач; *гәзәмпириңди берип тур, ат такалап алайын* (сал. таж. амбур «кычкач»); **гәзәмбирдәй бекем** *пам.* катуу, сараң; *гәзәмбир жандуw ойкатка тың.*

ГӘЗӘН I *өзг.* өтүк тиккенде колдонула турган буюмдун аты.

ГӘЗӘН II *зам.* кийиктердин көп жүрө турган жери.

ГӘЗӘНДӘ I *батк.* курт-кумурска; *ысырыкты түтөтсө, гәзәндә жоловойт.*

ГӘЗӘНДӘ II *пам.* 1. ууру, кесеп; *сен бир гәзәндә экенсиң*; 2. *батк.* терсаяк; *гәзәндәләр оңолуп жатат.*

ГӘЗӘҢ *суз.* ууру, селсаяк, бузулган адам; *гәзәң адам жолдош кылып кошуп алат.*

ГӘЗӘРӘК *жерг.* 1. зардек, савиз; *гәзәрәкти жеп көргөмбүсүз?* («гәзәрәк» деп көбүнчө ак түстөгү сабиз айтылат); 2. *пам., жерг.* жапайы өсүмдүктүн аты (сабиз түспөлдүү болот).

ГӘЗӘЧИЛ *пам.* кекчил; *Бекиш гәзәчил бала.*

ГӘЗМӘЛ *батк. к.* гәзвәр; *мәгәзингә көп гәмзәл алып келди.*

ГӘЗВӘР *пам., лейл.* кездеме, товар; *бүт матаанын уругуну гәзвәр дейт.*

ГӘЙВӘН *өзг.* токтоо; *гәйвәнирәәк айал экен.*

ГӘЙИР *зам.* күл кайырдуу жер; *эгиз тоw башы – гәйирди.*

ГӘЙРИК *өзг.* майрык; кыйшык; *жыгылгандан кийин путу гәйрик бопкапты.*

ГӘК: гәк-гәк *өзг.* «токту сурамай» ойнунда утулуп калган жактагы оюнчулардын башын тырмалоо жазасы; *гәк-гәк деп балдардын башын тырмайт.*

ГӘЛӘ I *өзг.* өтө майдаланып кеткен нерсе; *үйүдүн үстү гәлә таш.*

ГӘЛӘ II: гәлә-гәлә *батк.* чымчыкты куу-куулаганда колдонулуучу сырдык сөз; *Туwра-Жылга чымчыгы Туwра-Жылгаңа кет, әйт-әйт куw-куw, гәлә-гәлә куw-куw, әйәw-әйәw.*

ГӘЛӘВӘ: мәәм гәләвә боп капты *батк.* мээм ачып калыптыр.

ГӘЛВӘКШИ *батк.* келе бакан, куу союл адам; *гәләвәкши ар увак чәтәк кылат.*

ГӘЛӘПӘТРӘН *пам.* башаламан; *сандыктын ичиден гәләпәтрәң үн чыгат.*

ГӘЛӘЧӘ *жерг., пам.* 1. тил тууро; *келече*; 2. маскаралоо, мыскылдоо; *кыз баладан гәләчә кылып сурайт.*

ГӘЛӘЧӘЛӘ *жерг., пам.* 1. келече кыл; *тил туура*; 2. маскарала, мыскылда; *болду, өзүңдөн улуwду гәләчәләвә.*

ГӘЛДӘ *батк.* алда; *сени ал гәлдәйт.*

ГӘЛДИК *өзг.* 1. кичинекей дүмүрчө; 2. кичинекей куйрук; *койуңуздун кичине гана гәлдиги бар.*

ГӘЛДИКТӘ *өзг.* талдын бутагын кыркуу; *мен талды гәлдиктәп келдим.*

ГӘЛДИР I *жерг.* тентек; *бу бала гәлдир.*

ГӘЛДИР II *лейл.* 1. таарга түшүрүлө турган сайма көчөтү татаал фигуралар (төө, ат, куш ж.б.

элестери); 2. жогорку фигуралар салынган сапаттуу таардын бир түрү.

ГӘЛДИРӘ *батк.* сандыракта; *өwзуңа келгенин оттоп гәлдирәй берве.*

ГӘДИРВӘЙ *өзг.* калжаке, кеңкелес; *курукчулук болгондо эл гәлдирвәй болуп тозгон.*

ГӘЛЖИК *өзг.* 1. келесоо чалыш; *баласы дагыле гәлжик, сәәл*; 2. *батк.* кыйшык; *гәлжигирээк пүтүп калыптыр.*

ГӘЛЖИҢДӘ *өзг.* келжеңде; *гәлжиңдәп жүрө берве.*

ГӘЛЖИРӘ *түшт., ичк.* келжире; *акмак казы гәлжирәгән.*

ГӘЛИ *пам.* оокат, тамак; *гәлиңәрди ичкиле.*

ГӘЛИЙ *ал.* маалкы; *гәлийип басып келди.*

ГӘЛТИК *өзг.* 1. жаш талды келтек кылып кесип койгондогусу; *талдын башыдан гәлтик кылдым*; 2. *жерг.*, үбөлүк; *каттаманы гәлтик менен жасашат.*

ГӘМГИН *баткч.* ойлуу, кайгылуу; *гәмгин болду жәш бала.*

ГӘМИРЧӘК *батк.* кемирчек; *бүтүн көп гәмирчек кызып келиптир.*

ГӘМПИР *түшт.* кемпир; **кол гәмпир** *алб.* тоонун таштуу жерлерине чыга турган кызгылт түстөгү өсүмдүк; *кол гәмпирдин жылвырагы куш тил болот.*

ГӘМҮЗҮМ *батк.* баары, бүт, жалпы; *гәмүзүм эле баравыз.*

ГӘН *ичк.* 1. кен (чүкө ойнунун бир түрү); *томпой ойногон тозот, гән ойногон азат* (мак.); 2. бир нерсенин көптүгү, молдугу; уюткусу; *котостун гәни – Сарколдо, койдун гәни – Исәрдә, түлкүнүн гәни – Тарколдо, бүwдайдын гәни – Пышарда* (мак.).

ГӘНӘЗӘ *пам.* итий; *шу бала гәнәзә болуп калды әйләнәйиндәр.*

ГӘНӘЗӘК: **гәнәзәк алма** *суз.* алманын бир түрү (мөмөсү кичине, өңү кызыл, эрте бышат).

ГӘНДӘ *пам.* 1. заң, чампа; *салбаң кулак келет деп ыйлап – сыктап отурат* (таб. гәндә); 2. *лейл., өтм.* балит; *сасыганы гәндәдәй.*

ГӘНДӘЙ *өзг.* 1. чыканактай; *гәндәй адам*; 2. *өтм.* мажүрөө.

ГӘНДИРМАК *батк. к.* гәнимек; *гәндирмәк айдоw жерге чыгат.*

ГӘНЖӘК *батк. к.* гәнжийнә; *гәнжәк үйдөн ону апкеле кой.*

ГӘНЖИЙНӘ *батк.* 1. кичинекей склад; *гәнжийнәгә эски буйумдарды койуп койот*; 2. *зам., батк., сейр.* уйкана.

ГӘНЖИР *ичк.* түрдүү буюм сактала турган өзүнчө бөлмө; *гәнжирдәги тейшәни алып ке.*

ГӘНЖҮР *жерг. к.* гәнжир; *гәнжүркө кирип келчи.*

ГӘНИЗ *пам.* жандооч кызмактер; *Пакылайдын кырк гәнизи болуптур.*

ГӘНИМӘК *батк.* өсүмдүктүн аты (ичке, узун, жумшак өзөк алган, башына бүр байлаган, майда жалбыраktуу өсүмдүк); *шону гәнимчәк чөп дейт, адам жейт.*

ГӘНЧ *батк.* алебастар менен ак топурак аралаштырылып шыбалган үй.

ГӘНЧИЛ *батк.* кыйналып азап көрүү; *гәнчилип азап көрдүм.*

ГӘН I *жерг.* кулак тунгандык, кеңгирегендик; *мылтык кокус атылганда эки кулагым гән болуп калыптыр.*

ГӘН II *түшт.* кең, түз талаа; *кәттә гән өтөк.*

ГӘҢГИР *өзг.* аңкоо; *гәңгир экениңди билгенде мурда эле каравай коймокмун.*

ГӘҢИЗ *өзг.* келесоо; *гәңиз десе кагазга жаза салат.*

ГӘП *пам.* көп; *гәпти көп сүйлөсө – тантык, сүwдү көп кечсе – балчык*

(мак.); **гэп кутулвай** сөз табылат; *мээнет кетпейт бечелден, гэп кутулвайт чеченден* (мак.); **гэп бузат** сөз бузат; *элди гэп бузат, жерди суw бузат* (мак.); **жакшы гэп** орундуу айтылган сөз; *жакшы гэп жэн эритет, жэмэн гэп жэн секиртет;* **гэп сүйлө** сөз айт; *уйалсаң гэвиң ким сүйлөйт, эриксең ишиң ким кылат* (мак.); **гэви суwук** 1. сөзү орой; *бирөwдүн өзү суwук, бирөwдүн гэви суwук* (мак.); 2. убада; *эт кайнаса шорпо жок, эки гэптин бири жок* (мак.); **бекер гэп** куру убада; *мингениң жакшы болвосо дегдегениң бекер гэп* (мак.); **өзил гэп** *түшт.* тамаша, оюн, шылдың сөз; *өзил гэпкэ капа болво;* **гэптин атасы** өз учурунда таамай айтылган сөз; *гэп кегенде гэпти сүйлөвөсөң, гэптин атасы өлөт* (мак.); **гэвини бүрөwгө нэсийэ берген** *батк.* сөзгө жок, чоркок; **гэвинин тутуругу жок** *лейл.* келжирек, былжырак; **гэвиң owзунда йув** *жерг.* сөзүндү унутпай уланта бер; **кайсы жердин нанын жесең, щол жердин гэвин сүйлө** *карс.* кимдин арабасына отурсаң ошонун ырын ырда; **гэп кес** *өзг.* сөз өтүү; *менин гэвим кесип кетти;* **гэп сат** сөзгө конок берүү; *ашка барганда жолдошторуңа гэп саттырасың да;* **гэп саттыр** *өзг.* какшыкта; *сен жолдошторуңа да гэп саттырасыңбы?;* **гэп чэйнэйт** ◊ *батк.* сөз угат, сөзгө түшүнөт**; гэптэринди учурба** ◊ *зам.* калпынды кой; **гэптэри, ах, күрөккө турвай турган** *жерг.* сөзүнүн жугуму жок; **гэптин эркеги** ◊ *батк.* сөздүн кору; *гэптин эркеги – өзүвэктэ;* **гэп жеш** *түшт., этн.* бир айылдын бир кур эркек адамдары кыш мезгилинде уюшуп, кезектешип, тамак уюштуруп жеш жөрөлгөсү; *биздикине барып гэп жеп келиң;* **гэп жевес** *түшт.* 1. сөз укпас; *гэп жевес кайсар экенсиң;* 2. отурушка, кезектешип уюштурулган тамакка аралаша албаган адам; *тавым жок, а болвосо гэпкэ барсак болчу эде;* **гэп же** *өзг.* тил алуу, тил угуу; *бу жакшы, өзү гэп жейт;* **гэп шерне** *жжол.* шерне; **жэймэ гэп** *жерг.* тамаша, шылдың сөз; *өзил жэймэ гэп баштады;* **какаар гэп** *суз.* ачуу сөз; *кайын энең какаар гэп урса, күлкүң менен кечиргин;* **гэптэриңди парпыратпа** *суз.* жалган айтпа, алдаба; **гэп көв у, көмүр аз** ◊ *жерг.* сөз көп, бирок маниси жок.

ГЭПЗЭН *жерг.* жыргал; *жаным бир мээни гэпзэним.*

ГЭПКАНА *батк.* түнкүсүн эркек адамдар чогулуп тамак жеп, сүйлөшүп убакыт өткөрө турган үй (сал. таж. гэп «сөз» кана «үй»).

ГЭПКИР *жерг.* 1. тил алчаак; 2. оома; *гэпкир адам дейт.*

ГЭПСЭН *өзг.* карыз; *чейрек буудайды гэпсэнгэ алдым.*

ГЭПТЭ *ичк., түшт.* 1. кеп сал, сөз сүйлө*; кызык сөздөрдү гэптэди;* 2. ушактоо; *гэптэшип жатышса керек, кулагым ысып чыкты.*

ГЭРЭ I *өзг.* көбөйтүү таблицасы; *көвөйткөндө гэрэ колдонот.*

ГЭРЭ II *пам.* 1. комуз күүсүнүн аты; *гүwдүн башы гэрэ гүw, ол гүw – шайыр, санат гүw, комуз гүwлөрү шу гэрэ гүwдөн башталат*; 2. *өтм.* ызы – чуу, күрү – күү; *арак ичкендер – гэрэ гүw.*

ГЭРЭ III *өзг.* жыбыт, быткыл; *гэрэ – гэрэ жер болот.*

ГЭРЭЭЗ *өзг.* көңдөй, коңул; *аны гэрээзгэ бекит.*

ГЭРЭН *өзг., жерг., лейл.* 1. аңкоо; *о киши тэзэ гэрэң экен*; 2. керең, дүлөй; *ол гэрэң болгонсуп, таза укпайт*; 3. эси оогон адам; *жумуштан гэрэң болуп келдим*; 4. делдирөө; *карышкыр чыга калды эде, гэрэң болуп туруп калдым.*

ГӘРӘҢДИК *өзг., лейл.* кереңдик, дүлөйлүк; *гәрәңдигинин айынан шылдың болду.*

ГӘРВӘЛ *пам.* ыкшоо; *о келин өтө гәрвәл кыймылдайт.*

ГӘРВИЛ: **гәрвил чайнек** *батк.* чоң чайнек; *гәрвил чайнекке чай кайнат.*

ГӘРД I *түшт., этн.* карта, түкө ойнунда «кел, оң бол, оң түш» деген мааниде айтыла турган сөз; *кәртә ойнунда гәрд, гәрддем дейт.*

ГӘРД II *жерг.* ышкы; *карагандын гәрди бар.*

ГӘРД III *зам.* кыргак; *оромолуң гәрдинән, вой-вой ә, күйдүм дәртиңән.*

ГӘРДӘ *пам.* түкө ойнунун бир түрү; *гәрдә ойнойлу* (бир нече киши акча сайып ойноло турган түкө оюн. Мындан үч гана түкө калчалат. Эгер үчөө тең алчы, же таа, же бөгө, же чиге түшсө, утуш ошонуку болот).

ГӘРДӘМ *өзг.* чоң чыны, бадыбот; *гәрдәмгө кымыз күйуп берди.*

ГӘРДӘН *пам.* колко, кекиртек, тамак; *гәрдәниңә өрт кеткир.*

ГӘРДИШ *пам., батк.* 1. кокту – колот; *бул жол – гәрдиш-гәрдиш*; 2. ой – чуңкур; *дувалдын гәрдишин чаап ташта.*

ГӘРДОВ *жерг.* суунун айлампасы; *суw гәрдов болуп турат.*

ГӘРДҮМ *батк. к.* герден; *гәрдүмгә кымыз берди;* **гәрдүм чәйнек** *батк.* бөйрөктүү чоң чайнек.

ГӘРМӘӘП *өзг.* идиштин аты; *гәрмәәпкә суу толтуруп койгун.*

ГӘРМӘК *өзг.* кермек; *гәрмәк-ачуу, кычкыл тәәм.*

ГӘРМӘП *өзг.* шалыга жая турган сууну тундурууга ылайык жасалган пал; *эки жак башынан эки гәрмәп койдум.*

ГӘРТ I *батк.* 1. чаң, топо; *пайдувалдын гәрти бар*; 2. ундун тоскогу; *тегирменден гәрт шыпырып келди.*

ГӘРТ II *карс.* жалаң, чылк, нак; *койдун гәрт күйругудан көк ташка кошуп дәри кылат эде.*

ГӘРЧӨП *батк.* текчелердин кырын чыгара турган узун жыгач; *мен устага гәрчөптү суwлап берип турдум.*

ГӘС *пам.* аңкайма; *ой, сен гәс болуп калыпсың да.*

ГӘТТӘЙ: гәттәй-гәттәй *лейл.* аз – аз; *гәттәй-гәттәй ичирет.*

ГӘЧӘ I *жерг.* 1. кекеч, кече; *гәчә киши келди*; 2. *лейл.* тээжик, өжөр; *тил алваган гәчә;* **гәчә-пәчә** *батк.* кекеч – пекеч; *гәчә-пәчәләрдик текшерет деппиз*; 3. *батк.* колунан эч бир иш келбеген адам (сал. нәрмөөдө).

ГӘЧӘ II *пам.* жаңыдан туулганда энесин эме албай калган козу; *козу тым энесин эме әлвәй гәчә болуп калыптыр.*

ГӘЧӘК *батк.* чымчыктын бир түрү; *гәчәкти атып алып, суwга агызып живерди.*

ГӘШ: **гәш-гәш** *батк.* тарткылашуу, тарткылашып сүйлөшүү; *мен алам, сен аласың болуп гәш-гәш кылышты.*

ГӘШНИЧ *ичк.* өсүмдүктүн аты; *тамакка гәшнич салат* (огородго айдала турган көк түстөгү ичке өсүмдүк. Өзү сабиз түспөлдүү болот. Аны жергиликтүү эл оруп кургатып алып, майдалап тамакка салышат. Тамакты даамдуу кылат).

ГӘШТ I *бакт.* 1. жыргал; *өзүвүзчө отуруп гәшт кылылы*; 2. күйүп – бышуу; *гәштиңдән дәрткә дава таппадым.*

ГӘШТ II *бакт.* келбет, көрүнүш; *гәшти жаман.*

ГӘШТӘК *жерг., лейл., зам.* кыштын күнү эркектер чогулуп, «әскийә» айтышып, тамак жеш жөрөлгөсү; *эркектер чогулуп, гәштәк уйуштурат (*таж. гаштак «шерне»).

ГЕВЕНЕК *тал.* жаан – чачында кийүү үчүн жука кийизден жасалган сырт кийим; *кепин кийген келвейт, гевенек кийген келет* (мак.).

ГЕЗ I *пам.* жаанын бир түрү (муну менен кекилик, улар атылат).

ГЕЗ II: жалгыз гез *батк.* малга салына турган эндин бир түрү.

ГЕЗЕ *түшт.* жайылып тосулган тор; *кой, биздин гезе жок.*

ГЕЙИН *суз., сейр.* кийин; *ден соолуктан гейин баштайлык.*

ГЕТИР *өзг.* өзү иштеп, өзү түшүмүн жыйнап берүү үчүн бекитилип берилген 20 – 50 сотых өлчөмүндөгү тамеки аянты.

ГЕЛАС *батк. к.* гиләрс; *базарга барсак, гелас чыгыптыр.*

ГЕЛДЕКТЕ *тал.* уучта; *тыйынды гелдектеп жүрүп түгөттүм.*

ГЕЛИМДАРЫ *тал.* кызыл мурч; *гелимдары базарда көп та.*

ГЕМПИРЧАЧ *тал.* бийиктиги 20 – 30 см. болуп өскөн, тарам – тарам болуп жайылып чыккан өсүмдүк; *гемпирчач чөлгө чыгат.*

ГЕНДИРЕКТЕ *зам.* баш тегеренүү; *көпкө гендиректеп турду.*

ГЕНЧИК *пам.* маалынан өтүп кетүү; *менин балам генчикти.*

ГЕПШЕР *пам., жерг.* бир нерсенин ширетилген же каңдалган жери; *чөгүндүн гепшир кылган жери чыгып кетиптир.*

ГЕПШЕРЛЕ *пам., жерг.* ширет, каңда; *шону гепшерлеп койойунчу десем, кол тийвейт, бәчә.*

ГЕРДЕЙ I *батк.* керкей; *ону гөр, гердейип калыптыр.*

ГЕРДЕЙ II *зам.* бой көтөрүп жүргөн киши; *ол гердей, өтүп кетти салам бервестен.*

ГЕРДЕН *чүй, тал. к.* керден; **герден чыны** *чоң чыны.*

ГЕРЕЗЕН *батк.* тилазар; *шундай әм герезен бала болуптур, бар десең барвайт* (кээде «бәтәрин, кайкетек, тил әзәр» деп да аталат).

ГЕРЕНЧ *лейл.* өсүмдүктүн аты (тоодо өсөт, жалбырагы сабиздикиндей болот, дары катары пайдаланылат); *геренчтен алып келишет.*

ГЕРИ I *жерг.* тоонун этек жагы; *геринин түвүндө козулар оттоп жүрөт.*

ГЕРИ II *жерг.* чычала; *боло алвасаң герий бер* (мак.).

ГЕРӨW *лейл.* мелдеш (байге сайышып ойноо); **герөw ал** байге сайыш; **герөw бәйлә** мелдеш; *өкөwү герөw бәйләшкән экен.*

ГЕРӘӘС *пам.* өтөлгө; *герәәсиңе муна муну ич дә, зыванынды чыгарвай отур.*

ГИВИРЕ *ноок.* чевиренин баласы; *бу–менин гивирем.*

ГИДИРЕЙ *пам.* кибире; *гидирейген бойуңдан, әйләнәйин!*

ГИДИРЕКЕЙ *пам.* кибирекей; *гидирекей неме экен.*

ГИЖДӘНДҮW *батк.* өткүр, курч адам; *гижгәндүw бала эде, көңүлү ачылвады.*

ГИЗ: **гиз–гиз** *батк.* буканы күүлөгөндө айтыла турган сөз; *ала бука, гиз–гиз, десең ыргыйт.*

ГИЗЕК *өзг.* токумдун жонго туш келген жеринин төрт элидей тегерегине жумшак нерседен тигилген материалы; *токумдун гизегин мәшинәгә шыры.*

ГИЙӘ *түшт.* жалпы эле чөп өсүмдүгү; *бир гийә чөвүм калбады.*

ГИЙВӘН *пам.* 1. жинди сөрөй; *шу топ гийвәндән кутулбадым*; 2. чоң уруу; *гийвән адамды ким жакшы көрөт.*

ГИЙВӘНДИК *пам.* чоң уурулук; *гийвәндик ар кимдин колудан кевейт.*

ГИЛ *жерг.* 1. ачыбаган, көппөгөн камыр; *көппөгөн камырды гил дейт;*

2. даамсыз тамак, чийки бышкан нан ж.б.; *гил пышырыпсың*; 3. коюу уюлгуган тозоң; 4. *өтм.* бытмый (сал. таж. гил «топурак, жер»).

ГИЛӘПУРУС *батк.* кичинекей алмуруттун бир түрү; *мен гиләпурустарды эрте бышат деп ойлопмун.*

ГИЛӘРС *түшт.* жемиш өсүмдүгүнүн бир түрү; *гиләрс базарга эрте чыгат;* **ак гиләрс** *батк.* түсү ак саргыл, анчалык дандуу эмес эттүү түрү; *ак гиләрстен атаңдарга апкет;* кара гиләрс *батк.* кочкул кызыл түстөгү, кычкыл даамдуу түрү (июнь айында бышат); **кашкары гиләрс** *жерг.* гиларстын чоң – чоң, кара кочкул түстөгү түрү; **кокон гиләрс** *өзг.* даамдуу, чоң – чоң, кызыл түстөгү черешня; *кокон гиләрстин сайасына эс алдык;* **кызыл гиләрс** өңү кызыл, тоголок гиләрс; **нәмәнгән гиләрс** гиларстын Наманган тараптан тараган түрү; **сары гиләрс** өңү сары, даамы таттуу түрү; *сары гиләрс, иләтә, мәди эшек, мәстәк деген гәбибиз бар;* **шәәр гиләс** *батк.* гиларстын эрте бышуучу кичирээк түрү; *шәәр гиләс чыгып каптыр.*

ГИЛӘЧИЛДИ *бакт.* атлестин бир түрү; *гиләчилди, эге, савын, туту, делвир дейвиз.*

ГИЛЖИДИ *лейл.* тыйын сайылып ойнолгон чүкө ойнунун бир түрү; *гилжиди ойногондорду кувалап живерди.*

ГИЛЖИДИҢ *батк.* 1. коноогоч чүкө; *гилжидиң ашык*; 2. төрдөн атмай чүкө ойну; *гилжидиң ойногондо туруп ойнойт.*

ГИЛЖИТ *пам.* оюндун бир түрү (кумар ойну).

ГИЛДЕШ *пам.* камыр, ылайдын жуурулуп калышы; *ылай жасаганда гилдешип калат.*

ГИЛДЕШТИР *пам.* катуу ийлөө; *хамырды гилдештирбей жакшы кыл.*

ГИЛДИЙ *ноок.* кибире; *гилдийген адам тор салып отурат.*

ГИЛЙӘШЕК *суз.* компот; *гилйәшек жазайвыз, алмадан.*

ГИЛЕЙ *лейл.* чакмак таш ойнунун бир фазасы; **чоң гилей** экинчи бир фазасы.

ГИЛЕМ: **ай көчөт гилем** *лейл.* «ай көчөт» түрү салынып жасалган килем; «*бир эрден чыккан жакшыраак, эки эрден чыккан көк шыйрак*» (мак.) *деген гәп айтты ай көчөт гилем жасап жатканда;* **айчык гилем** *суз.* кенен, чоң, гүлдүү килемдин түрү; *айчык гилем жасап жатып «Төлөвайда үчүл жок, үчүл түгүл катын жок» деген мәтәл айтты;* **аравы гилем** *лейл., батк.* таар сымал түр салынып түксүз согулган жука килем; *аравы гилем сатып алдык;* ашкана гилем *ал.* килемдин бир түрү (бул килемге «кара калпак көчөт» салынат); *ашкана гилем, аравы гилем, зор гилем болот;* **барак гилем** кош жип менен согулган килем (барак килем бошураак согулуп, узундугу 2,5 – 3м. келет да эни 2 – 2,5м. болот. Түк чыгарылат да, жүнгө кыл аралаштырылып токулат); **букары гилем** *ал.* килемдин бир түрү; *букары гилем, калы гилем, ордо гилем сатат;* **жәйлөw гилем** жайында жайлоого алып чыгуу үчүн жасалган жеңилирээк, жукараак, кичирээк килем; **жүл гилем** *лейл., жерг.* байланган түр жиптери өтө таарып кыркылбастан согулган килем; *жүл гилем кырыгыраак кыркылат* (бул гилем чаканыраак токулат); **жүл барак гилем** *лейл.* түрү узун байланып, калың токулуп,. учу кыркылбай жасалган килем; *жүл барак килемдин түрү эчкинин жүнүдөй;* **калы гилем** *түшт.* килемдин бир түрү (сапаты жакшы, өзү чоң, кооз килем. Алай тарапта

мындай килем «ордо килем» деп аталат); *жазында эмес күзүндө. Ай–Кеминдин сазында калы гилем соккомун*; 2. *өтм.* береке, жыргал; *калы гилем жылды айтат;* **кама гилем** *батк.* чоң килемдин бир түрү (кээде ал «әрәви гилем» деп да аталат); *әрәви гилем, кама гилем дей беревиз, жүл гилем болот;* **кашгары гилем** *түшт.* чеке чыгарылып, оюу салынып жасалган жөнөкөйүрөөк килем (түштүк говорлордо заттын түрүн, сортун, касиетин билдирүү үчүн катыштык сынды түзүүчү – и мүчөсү кеңири жолугат: кашкары – кашкарлык, безери – безгич ж.б.); **кәвир гилем** *лейл.* килемдин бир түрү; **көк гилем** *лейл.* килемдин бир түрү; **куйма гилем** *лейл.* үйдүн өлчөмү менен тең жасалган килем; *бу жасаганы куйма гилем экен;* **пат гилем** *түшт., ичк.* килемдин майда, жылмакай түк чыгарылган түрү (кээде ал «түк гилем» деп да аталат); **тавак көчөт гилем** *батк.* килемдин бир түрү; тайлак гилем *ал.* төөгө, тайлакка жабыла турган кооз, чоң килемдин бир түрү (илгери көчтө Алай тарапта төөгө килем жабуу өнөкөт болуп келген); *тайлак гилем, чавадан, жайнамаз, зор гилем жасачу;* **тас гилем** *ал.* түксүз жылма согулган килем (бул килем жалкы жип менен тыгыз, жылма, кооз согулат. Көбүнчө уяң жүндөн токулат); **төw гилем** *түшт.* төөгө жабуу үчүн согулган килемдин бир түрү; **түр гилем** *лейл.* түрү кыска кыркылып токулган эң сапаттуу килемдин бир түрү; **сыр гилем** *пам.* кооз, оймо – чиймелүү килем; *биздин үйдө бир гилем, түрдүw–түстүw сыр гилем;* **шешен гилем** *ал.* кооз ажайып согулган килем; *тас гилем, шешен гилем, зор гилем болот;* **гилем көрдү** *сүл., этн.* килем согуп жатканда тууган – туушкандар кой – эчки алып келип, килемди көрүп кетүү жөрөлгөсү; *жакындары гилем көрдү кылат.*

ГИЛЕМЧИ *жерг., лейл.* килем токуучулук кесеби бар аял.

ГИЛЕҢДЭЭК *жерг.* килендеген адам; *өйдө жактан бир гилеңдээк киши келәтәт.*

ГИЛИЗ *пам.* гильза; *гилиз таап алды.*

ГИҢИЛДЕ *ичк.* үй жумушуна орунсуз кирише берүү; *көп гиңилдегениң менен пайдасы жок.*

ГИПИЛДЕ *жерг.* кыпылда; *онун ичи гипилдеп жүрө верет.*

ГИР *жерг.* дубал согуунун бир түрү; *гир дувал, пай дувал соговуз.*

ГИРВИШИН *түшт.* крепдишин; *гирвишин оромол.*

ГИРДӘКЧӘ *батк.* кичине – кичине бөлүндү жер; *үйдүн жәнидәги гирдәкчәләргә суw койуп кой.*

ГИРДӘЧӘ *ичк.* нандын бир түрү (калың чоң тегерек жасалат); *чайханага гирдәчәдән апардыңбы?*

ГИРДИМ *лейл.* суунун ирими; *гирдимден өттүк, энди тилди тилге билейлик, тишти тишке кайрайлык* (кээ бир жерде «ирим» делсе, кээ бир жерде «айлампа, голдо» деп аталат).

ГИРЖИК I *пам.* чымчыктын бир түрү; *маңдайга бир гиржик учуп келди.*

ГИРЖИК II *жерг.* коко, кекиртек; *эй, сагыра, тым отур, гиржигиңден сыгам.*

ГИРЕ I: **гире–гире кыл** *жерг.* 1. кызыктыр, алаксыт; 2. *өтм.* шакаба (сал. таж. «гириптон» кызыктыруу); *гире–гире кылдылар.*

ГИРЕ II *жерг.* колдун салааларын кайчылаштыруу; *гире салуw көкбөрү ойнунда улакты кош колдоп салаалаштырып туруп тартуу ыгы.*

ГИРИП *пам.* чайга кант салынган

суусун; *коргондуу жерге баравыз, гириптен ичип ал.*

ГИРИПТӘР *лейл.* кириптер; *шол иши үчүн мен гириптәр болдум.*

ГИРПЕ *өзг.* көзүн ачып жума берген адаты бар киши; *күмүш така урам дейт, өзү гирпе экен.*

ГИРР *суз.* оюндун бир түрү (балдар экиге бөлүнүп, анын ичинен экөө алдыга чыгып, сан катып, ошол санды таап ойноо); *гирр ойнойвуз.*

ГИРӨW *ичк.* колко, тамак, кекиртек; *койдун гирөwүсүнү жулуп алва.*

ГИС *ичк.* кара сулу; *талаага гис чыгыптыр;* **ит гис** сулунун бир түрү; *Кәлтә–Булактын талаасында ит гис өсөт.*

ГИСӘ *өзг.* акча сала турган капчык; *Түгөлбуга куштун канатынан кыркып гисәсинә бекитип алат.*

ГИСТҮW *ичк.* гиси бар, гиси көп жер; *бу жердин чөвү гистүw экен.*

ГО *ноок.* тосмо; *зор кәттә го кармайт.*

ГОВ I *жерг.* үймөк; *желжеминден гову бар, желкесиде зову бар.*

ГОВ II *жерг.* коргонго, дарбазага коюлуучу босого, тик жыгач; *коргонго койгон говдәйим.*

ГОВ III *зам.* тосмо; *говду жавып кой.*

ГОВАН *пам., жерг.* кубан, сүйүн; *гованып жүрөт.*

ГОВАРА *жерг.* көрпөң козунун териси (сал. таж. «гов» торпок, бука, өгүз таж. «барра» козу).

ГОВАРЧА *пам.* билериктин бир түрү; *жез говарчан шылдырайт.*

ГОВАЧАК *түшт.* пахта терүүчү машинадан талкаланып чыккан чанак кабык (ал отун катары да, тоют катары да колдонулат).

ГОВГА *лейл.* коога; *мени алып барвадыңар деп говга кылат* (кээ бирде «галва, дагдага, гурват» деп да айтылат).

ГОВДА *батк.* тулку бой; *говдаң кәттә болсо эле, мактана берве.*

ГОВЛА *өзг.* көлөкөдө узун сабак болуп өсүү; *гөлөгөдө туруп говлап кетиптир.*

ГОВУН *жерг.* кубан; *ак эмчек кармап говунду.*

ГОДИК *батк.* 1. кодик, кеделек; *бизде годик деп айтат;* 2. *жерг., өтм.* жетим козу; 3. *пам., өтм.* куйругу жок кой (койдун начар тукуму); 4. *ноок.* кодогой, кодо.

ГОДОВО *жерг., батк.* кодо, кодогой; *ол годово тетир карап үн тартат* (Баткенде «кодого чүн», Жерге–Талда «жергежели», түндүк говорлордо «кодо, корто, кодогой, эргежээл» деп айтылат).

ГОДОВОЛУК *бакт.* кодогойлук; *годоволугуң менен ишиң жок.*

ГОДОГО *өзг.* кодо, кодогой.

ГОДОҢДО *ноок.* кодондо; *ол годик годоңдоп келе жатат.*

ГОЖ *батк.* ийилбей кожоюп калган нерсе; *путу аштowдон чыгып гож болуп каган.*

ГОЖО *ал.* уруунун аты; *Шарапат гожо урywудан.*

ГОЖОW *зам.* темирден жасалган чөмүч, сузгу; *гожowдүн чети кетилди.*

ГОЗАЛА *лейл.* күкүккө окшогон куштун бир түрү; *гозаланы көрө авалдым.*

ГОЗО *түшт.* 1. пахтанын өнүп чыккан түбү; *пахтанын гозосу бийик;* **гозо пайа** пахтанын сабагы; *гозо пайаны отун кылат;* 2. *сейр.* пахтанын тоголок башы; 3. *өтм.* жылдыз; *көк көйнөккө гозо түйдүм* (таб. жылдыз)

ГОЗОВАШ *зам.* башы томолок, гүлү ак, өнү сары өсүмдүктүн аты; *айдан–айдан ай өтөт, гозоваш гүлдөп жай өтөт.*

ГОЗОК *батк.* ойдуң жер; *тээ гозоко эки–үч мал оттоп жүрөт.*

ГОЙ *ккырг.* го; *сүйлөй алвай туру гой.*

ГОЙЖОҢДО *жерг.* бойтондо; *гойжоңдоп ойнойт куватым.*

ГОЛ *батк. к.* голдо; *сүwдүн голудан кече алвадым.*

ГОЛДО *ал.* суунун айлампа, күбүр жери (сал. гирим); *голдодон секирип өттү.*

ГОЛДОЛОН *жерг.* суунун терендеп айлампа болуп агышы; *дәрийә голдолонуп агып жатат.*

ГОЛЕК *жерг., батк.* кайың жыгачтан оттун жалынына ийленип жасалган жаа сымал курал; *голекти мен билем.*

ГОЛКО: **сары голко** *чүй.* жылкынын оорусу; *ысык–суугунан бузулса, жылкы сары голко болуп ооруп, мурдунан маңкасы агат.*

ГОЛО I *ар, лейл.* 1. үйдүн керегесин көтөргөндө «голек» арасына коюлуучу жоон жыгач; 2. *зам.* үйдүн үстүнө коюлуучу жыгач; *голону тайардап койдук*; 3. топ – топ нерсе; *голо–голо болуп турат*; 4. чорко; *голо кылып кесип сал.*

ГОЛО II *батк.* суунун айлампасы; *сүwдүн голо жери шуйет.*

ГОЛОМЕЧ *жерг.* жүктү ийинге салып көтөрүп ала турган жип; *шывакты голомеч кылып келдим.*

ГОЛОМЕЧТЕ *жерг.* бир нерсени голомеч кылып көтөрүү; *голомечтен көтөр.*

ГОНО *өзг.* өсүмдүктүн аты; *кышкысын жылкылар гоно жеп чыгышат.*

ГОНОЙ *ал.* уруунун аты; *аты гоной эле экен.*

ГОНУЧ *түшт.* конч; *күндөн–күндөн күн өттү, эмгиче гонучту тигип бүтпөдүң.*

ГОҢ: гоң тәйчи *пам. к.* тәйчи.

ГОҢКУ: гоңку тәйчи *пам.* к тәйчи.

ГОО *батк.* эгин аянтын аралай кеткен жол; *эгиндин ортосунда гоо бар, шону менен бар.*

ГООЛА *пам.* көзгө илинер – илинбес болуп качуу; *кийиктер гоолап алыстай берди.*

ГООН *батк.* кубан; *эси жок бойуга гоонат, эси бар ойуга гоонат* (мак.); *доско достун зооку бар, дос келет деп гоону бар* (мак.).

ГООНА *пам.* тарам, бөлүк; *катар–катар бел экен, алты гоона эл экен.*

ГООНТ *лейл.* кубанат; *энесини гоонтту.*

ГОПОЛ *жерг., батк., өзг.* бош, чыйрак эмес; *өтөлө гопол экен, ошдарышмакка жәрәвәйт.*

ГОПОЛДУК *батк.* боштук, жүдөөлүк; *гополдугуңдан аравадан жыгылдың, балам.*

ГООПАЙА *суз.* данын көтөрө албай ийилген сабак; *күздүн түшкөнү гоопайадан билинет.*

ГОПУКАТАЛ *батк.* кооптонгондук; *кевей калавы деп жүдә гопукатал болдум.*

ГОР I *лейл.* кемер, үңкүр; *жүрүң шо горду көрсөтөйүн* (сал. таж. өзб. гор «кемер»).

ГОР II *лейл. к.* горо.

ГОРВУ: **горву тик** *батк.* оюндун аты (жаш эркек жана кыз балдар аралашып тике туруп, эки бала башчы болуп, биринен бири «горву тикпи» деп суроо берип, биринин көтөргөн колунун алдынан бири өтүп, байланышып ойной турган оюн).

ГОРЕГИЛ *батк.* одоно, орой; *ойактын кыргызы горегил келет.*

ГОРКУ *пам.* чоеке; *Жумавайдын горкусу дагы эле оңолбоптур.*

ГОРО *батк., лейл., ар.* өрүк, алма, бийи ж.б. жемиш өсүмдүктөрүнүн быша элек мөмөсү (гүлү түшүп бир ай өткөндөн кийинки мезгили); *горо жебегиле жүрөгүңөрдү оwрутат;*

горонун сөөк учу карарды данек жетилүүгө аз калган учур; **горо сүүланды** мөмө эми бышайын деп калган учур.

ГОРОЙ *жерг.* чикит оюунда бармак менен сөөмөйдү өйдө кармап чабуу фазасы; *горой чапканда айактай таштын тәгигә барып түштү.*

ГОРОЛО *жерг.* мөмөнүн көгөрүп чоң калышы; *өрүк, алма горолоду.*

ГОРОШ: көр горош (көр горголош) *батк.* чымынчы, чымынчыл (көзү өтө кичинекей кичине чымчык. Калың бадал, бутак, тикенектин арасында жапыз, жакын учуп жүрө берет. Кышында да алыска кетпейт); *көр горош шактан шакка секирди.*

ГОРОШО *түшт.* 1. майда үбөлөнгөн нерсе; 2. *пам.* көндүн майда томологу; *горошодон терип кел*; 3. *пам.* чычала, калдык; *от күйүп горошо калды*; 4. *лейл.* кесек топурак, көмүр; *жердин кесектери горшо-горшо болуп калат* (сал. өзб. гураша «кесек нерсе»).

ГОРТ *пам.* топоздун үнүн туурган сөз; *горт-горт эткен алтыным ээ!*

ГОРТУЛДА *пам.* «горт - горт» этип үн чыгаруу; *бука гортулдап топоздорго кошулду.*

ГОРУМ *жерг.* корум; **ак горум** 1. ак ташы көп корум; 2. жердин аты; **горум арык** таш тизилип жасалган арык (Жерге - Талда бул арык кандайдыр бир замандан калган ирригациялык курулуш имиш, ал арык аркылуу азыр да эгин сугарылат экен); **горум оwуз** *жерг.* корумдун кичине коңулчасы бар ооз жери.

ГОРУН *лейл.* жалтаң; *горунуп көзүнү жумат.*

ГОРУНЧААК *батк.* жалкоотай; *урамын деве, горунчаак.*

ГОСПӘН *зам.* 1. эскиче кой жылы; *госпән, мар, хук, харгөш деген жылдар бар*; 2. келес, келесоо; *госпән болвосоң, ону менен күрөшөсүңбү?*

ГОХ: гох-гох *жерг.* кээ - кээде; *гох-гох шундай болвосо дә болвойт* (сал. таж. гох).

ГОЧО *пам. к.* гочу; *алиги бадыра бар гочо, шону параса дейттер.*

ГОЧУ *жерг.* го; *сен кечте алдың гочу?* (Жерге - Тал, Памирде берки өткөн чакты туюндуруучу -ды мүчөсүнөн кийин күмөндүүлүктү жана суроону билдирүүчү «гочу» сөзү өнүмдүү колдонулат).

ГӨWДӘН *батк.* көөдөн; *гөwдәни кең дымагы чоң.*

ГӨWКАСЕК *батк.* касек өрүгүнүн бир түрү; *гөwкасек деген өрүк бар.*

ГӨWМЕШ *жерг.* соргок; *сенин нан жешиң да гөwмешке окойт.*

ГӨWПӘЙӘ *жерг., зам.* 1. дан албай эле узарып кеткен сабак; *жазгы бугудай гөwпәйә;* 2. үймөк.

ГӨWҮЛ *батк. к.* гөөл; *гөwүлдүн тамыры тиш оwруга дәри.*

ГӨWХАНА *батк.* таш короо, калама; *гөwхана азыр, эми жок.*

ГӨВӨК I *өзг.* сары ала болуп бышшайын деп калган өрүк; *өрүктү гөвәгиндә түгөттүк.*

ГӨВӘК II *өзг.* 1. күвүр; *гөвәккә аттын буту кирип, араңдан зорго чыкты*; 2. коңул, жылчык.

ГӨВӘР I *пам.* 1. билгич; *аксакалдардын көвү гөвәр келет*; 2. акылман; 3. ырчы, чечен; *өзү жеткен гөвәр эде.*

ГӨВӘР II *пам.* көөр; *колудан гөвәр төгүлөт.*

ГӨВӘР III *зам.* сүттүү; *Йакылдардын гөвәр сыйыры бар эде.*

ГӨВӘРӘ I *жерг.* күрпөң козунун териси; *гөвәрәдән телпек кыган.*

ГӨВӘРӘ II *жерг.* бешик; *баланы гөвәрәгә салып келди;* **гөвәрә багыш** бешик куда; *мәйдә вактысыда гәвәрә багыш кыган.*

ГӨВӘРӘПЕЧ *лейл.* бешиктин үстүнө жабыла турган кичине төшөк; *гөвәрәпечти жаап сал.*

ГӨВДӘҢ *өзг., зам.* 1. көөдөн; *гөвдәни зор экен*; 2. *өтм.* орой; *гәви жаман гөвдәң жигит болуптур.*

ГӨВЛӨВҮЧ *батк.* чөмүч; *гөвлөвүч менен аш куйавыз.*

ГӨВМЕШ *жерг. соргок* (таж. «гов» – үй + меш, «чанач, челек, соргок»), гөвмеш адам.

ГӨВӨЗ *суз.* штраф; *төлөвөсө гөвөз кылчу.*

ГӨВРӘН *лейл.* чыбык; *гөврәнимди отко жагып койво* (сал., таж., говрона, өзб. говрон «чыбык»).

ГӨВҮРӨ *жерг.* чайдос; *гөвүрөгө суw апке.*

ГӨВҮСПАР *жерг.* өгүз, буурусун (сал., таж. «гов» өгүз «сипурдан» – сүйрөлгүч); *гөвүспар кошуп чыгат.*

ГӨДӘК *батк.* көөдөк; *бул гөдәктә имне айып?*

ГӨДӨW *ичк.* өсүмдүктүн аты; *койлор гөдөw жевей гойду* (бул өсүмдүк он сантиметр бийиктикте болуп, тоого да, түзгө да чыгат); **арам гөдөw** көдөwнүн бир түрү; *арам гөдөwдү топоз жейт* (бул өсүмдүк кадимки көдөөгө караганда бийигирээк болот. Аны жылкы жана топоз жейт).

ГӨДӨWӨ *ичк. к.* гөдөw; *гөдөwө Таш–Булакта өсөт* (белдин башында, даранын төрүндө өсөт).

ГӨДӨWӨЛҮW *жерг.* көдөөсү көп, мол жер; *жылкыны гөдөwөлүw жерге жайган жакшы* (жылкы бул чөптү эң жакшы жеп, бат семирет).

ГӨЖӨ *түшт.* көжө; *жулма гөжө камырды жука жайып, казанга кол менен жулуп салып бышырган көжө тамак* (буга айран кошулат) **кордо гөжө** *зам.* күрүчтөн жасалып, айран кошулган көжө (бул көбүнчө суюк жасалып, суусун катары ичилет же жеңил тамак иретинде оору адамдарга берилет).

ГӨЖӨК *пам.* таштан тизилген кичине коргончо; *чөптү шамал учуруп бергенинен эптеп бир гөжөк имерип, шого салдым.*

ГӨЖҮМАЛ I *ичк.* өсүмдүктүн аты; *гөжүмал кумдуw жерде болот* (бул жайык жалбыракту келет да, аны төө жейт. Өңү кызыл түстүү болот); *өзүңө йәм гөжүмалды көрсөтөм.*

ГӨЖҮМАЛ II *жерг.* чыр, көк, доюр; *гөжүмал адам курусун, бир нерсеге көнбөйт.*

ГӨЗЖАМАН *базк.* уруунун аты; *гөзжаман илгери каратал–кутчу уруусуна кошулган.*

ГӨЗЕЛ *зам.* көзөл; *тура келиң, гезелим.*

ГӨЗӨ *лейл., өзг., жерг., ар.* 1. сапаттуу кичине карапа; *бир гөзө тапты*; 2. *өзг.* 2 – 3 чака суу бата турган узун, сүйрү, туткалуу жез кумура; *бир гөзө таза суу бар*; 3. *пам., өзг., лейл.* орозо учурунда орозо кармабаган киши; *сен орозо туттуңбу, же гөзөсүңбү?* (көбүнчө кары адамдар 40 – 50 жаштагы орозо кармабаган адамдарды тамашага чалуу иретинде айтышат); 4. *лейл.* соргок, ачкорок, топор; *тойвойм, гөзө элемин!*; **лай гөзө** *жерг.* чопосу өтө бышырылбай жасалган карапа; *лай гөзө жасай аласыңбы?*; **сапал гөзө** *жерг.* бышырылган чоподон жасалган карапа; *сиздин колдогу сапал гөзөнү өзүм кылдым;* **гөзөнү суwга таштап кел** ◊ *зам. гөзөгө суу алып кел;* **гөзө калтыруw** *лейл.* көзү өткөндө энеден белек иретинде кыз балага гөзө калтыруу жөрөлгөсү.

ГӨЗӨW *пам.* 1. тешик, оюк; *гөзөwдөн карадым*; 2. *өтм.* аңкоо, оозу ачык; *о, гөзөw, сүзмө калта кайда?*

ГӨЗӨНӨК *батк.* 1. кулактын орто чени оюк кылып тешилип салына

турган эн; «*сокулуw катын – зор катын, сокусуз катын – кор катын*» *деген мәтәл айтты гөзөнөк салган адам* (бул эн кээ бир учурда «ойук» деп аталса, Жерге – Талда «оймо» деп аталат); 2. көзөнөк.

ГӨЗӨЧҮ *ичк., түшт. к.* сапалчы.

ГӨЙ I *пам.* көп, арбын; *шамал гөй* 1. шамалдуу жер; 2. жердин аты.

ГӨЙ II *пам.* 1. кам; *тойдун гөйүдө жүрөм*; 2. *өзг.* азап; *бизди боздотуп гөйгө салдың.*

ГӨЙ III *пам.* төкмө ырчы; *Осмон гөй ырчы.*

ГӨЙГӨЙ *жжол.* 1. азап – тозок, убайым*; шонун гөйгөйүн тартып жүрүшөт;* 2. *ноок.* таянар тоо, медер; *көк зowдун башы гөйгөйүм, көк бойок болду көйнөгүм*; 3. *ноок.* чоор менен тартылуучу күүнүн бир түрү *(бул күүнүн ыры төмөнкүдөй: «Таластын башы Сuwсамыр гөйгөй, сuwсаган элге сuw берчи гөйгөй; чаңкаган элге чай берчи гөйгөй; тескейиңде теңге бар гөйгөй, күңгөйүңдө күмүш бар гөйгөй; эй чымыны жок чым Алай гөйгөй, паашасы жок баш Алай гөйгөй»).*

ГӨЙРӨ I *суз.* кумура; *ону гөйрөгө куйуп алавыз.*

ГӨЙРӨ II *атб.* чоюндан жасалган көмүр өчүргүч; *гөйрөнү таппай жинимди келтирди* (кээде «көөрө» деп да аталат).

ГӨЙРӨ III: **кара гөйрө** *жумг.* мал жатып кара кык болуп калган жер; *кара гөйрөгө эгин айдалса жакшы чыгат.*

ГӨЛ *жерг., пам.* 1. дудук; *сен гөлвүсүң, тоwушуң чыкпайт?* (кээде «кәкәч, сакоw» деп да аталат); 2. дөдөй, акылы аз.

ГӨЛАКЫ *жжол., өзг.* 1. кайырчы, тилемчи; 2. *ал., өзг.* селсаяк; *гөлакы үйрөнү чөвлү менен сүзөрдү билбейт.*

ГӨЛӘК *батк.* 1. эч иш кылбаган жалкоо; *узун күнү гөләк болвой бизге жардам бер;* 2. *зам.* бош, үлбүрөк нерсе; *сепке бергени гөләк чыт экен.*

ГӨЛПӘ *өзг.* суунун эки жакка акпай көлкүлдөп бир жерге тозулуп калышы; *кар эрип, үйдүн асты гөләп болду.*

ГӨЛВӨ *жерг.* төрөттөн кыйналып жаткан аялды төшөккө салып, эки жакка чайкоо жөрөлгөсү; *ол төрөй алвай жатыптыр, гөлвө кылып койолу.*

ГӨЛВӨТ *жерг.* жайнат; *көп биркесе гөлвөтөт, бир муштап урса өлтүрөт, бир уштан берсе тойгузат* (мак.).

ГӨЛВҮРӨ *жерг.* балбырап – шалбыра*; гөлвүрөп кийинип алыптыр.*

ГӨЛДӨЛӨҢ *лейл.* килем согуудагы аштаманын баш – аяк жыгачтары (гөлдөлөң менен эриш жиптер керилип турат).

ГӨЛДӨЛӨҢДӨ: **гөлдөлөңдөп ат чавуw** *пам.* дүбүртүп көп ат чабуу; *гөлдөлөңдөп ат чапса, тулпардын чери жазылат* (мак.).

ГӨМӨЗӨ *алб.* оозу кууш, мойну узунураак, бир жагында туткасы бар, соксогойураак, бөйрөктүү карапа идиш; *гөмөзөнү өзбектер жасашат.*

ГӨМӨЧТҮW *батк.* көмөч токочу бар; *гөмөчтүw катындын үнү жогон* (мак.).

ГӨМҮР I *ичк.* кой – эчки, топоздун өпкө – боору шишип кетүүчү оорусу (жугуштуу оору); *гөмүр койго, котоско тийет.*

ГӨМҮР II *пам.* муз үйрө; *быйыл беш котозду гөмүр алып кетиптир.*

ГӨМҮРДӨ *пам.* «гөмүр» болуп өлүмгө учуроо; *жазга маал гөмүрдөп кете берген.*

ГӨМҮШ *пам.* топоздун оорусунун бир түрү; *гөмүш боолуп өлдү ал котоз;* **гөмүш алгыр** *пам.* балакет баскыр, жерге кир (каргаганда айтылат).

ГӨНӨЧӨК *өзг.* 1. уйдун көкүрөк

тарабындагы төштөн кекиртекке чейинки салпаңдаган териси; 2. төөнүн терисинен жасалган тери идиш; *гөнөчөк кайда, көрүнбөйт?*

ГӨНЧӨК *суз.* алжапкыч; боортко; *гөнчөктү боорго байланат.*

ГӨҢ *батк., жерг. өзг.* кык; *турпак, гөң чачылат.*

ГӨҢДҮ *жерг.* 1. кара тапуракту кык сымал келген жер; 2. жердин аты.

ГӨҢГӨЛ *жумг., нар. к.* көңгөөл.

ГӨҢКӨЙ *өзг.* «чөмөлөк» деп аталуучу идиштин экинчи бир аты; *баш аман болсо – баш кийим тавылат* (мак.) *дегендей гөңкөй тавылар, урушпа.*

ГӨӨДӘН: **гөөдән салуw** *пам.* кийик атып келгенде көөдөнүн бышырып (эл көп болсо, башка мүчөлөрү да салынат) айылдаштарды меймандоо жөрөлгөсү (меймандар тамак жегенден кийин «чыкканын горум болсун, аткаңың сувай болсун» деп бата берет).

ГӨӨКӨР *түнд.* май токочтун бир түрү; *гөөкөр бышыртып жедим.*

ГӨӨЛ I *суз.* өсүмдүктүн бир түрү (дары катары пайдаланылат); *гөөлдү таап алып кел.*

ГӨӨЛ II *жерг. к.* гөл; *гөөл адамга кыйын, кулагы укпаса, тили жок болсо.*

ГӨӨМҮШ *түшт.* сүттүү саан уй; *бар мактанса тавылаар, жок мактанса чавылаар дегендей гөөмүш сыйыр сатып алсак, онон имне кылавыз.*

ГӨӨРӨ *өзг.* чөөгүн; *бир гөөрө суу алып кел.*

ГӨПКӨЙӨ *тал.* көжө; *түзөлө турган көзөлгө тавып өзү тавылар* (мак.) *дегендей тавып өзү келди, гөпкөйө жаса.*

ГӨПТҮРМӨ *өзг.* сайманын бир түрү (эки бети окшош болот); *айды этек менен жашырып болвойт, уйалбай гөптүрмөңдү сайа бер.*

ГӨР *жерг., ар.* 1. көр, көрдүн казанагы; *шырдактай жерге күн тийвейт* (таб. гөр); **гөрдүн айваны** *пам.* мүрзөнүн ооз жагы; *гөрдүн айванын казат, онон сарайыны казат;* **сен гөрдөн келдиңби?** *жерг.* сен кайдан келдиң? (ачууланганда айтылат)**; гөрүң куруп калгыр!** *батк.* чочуп кейигенде, же канагаттанбай калганда айтылуучу сырдык сөз; **ылыгым кетип, гөр болуп жүрөм, әйләнәйин** *батк.* алдан тайып, эмгектеп калуу; 2. *батк., өтм.* кудай урган жаман; *о бир гөр да!*

ГӨРӘ *лейл.* пахтанын бышып жетиле элеги; *чөптү корлосоң көзгө түшөр, гөрәни этийәттә.*

ГӨРГӨ *лейл., зам.* 1. сырдык сөз (ыраазы болуп канагаттангандыкты билдирет); *гөргө, тез эле пүтүптүр*; 2. *батк.* байкуш; *ол бир гөргө неме.*

ГӨРДӨЙ *лейл., өзг., өтм.* өтө жаман начар; *гөрдөй болуп калыптыр, басарга эли жок* (Лейлек тарапта – дай мүчөсүнүн жардамы менен өтмө маанидеги сын атоочтор жыш учурайт; дәридәй – эң оор, абдан салмактуу ж.б.); **гөрдөй колум бар** *лейл.* жазуум, почерким жаман; *гөрдөй колум бар, кол койуп койойун.*

ГӨРЗАР *батк.* кор; *жарывадым жашыман, гөрзар кылды башыман.*

ГӨРКАНАЧЫ *өзг.* 1. көр оокат жыйган адам; 2. *өтм.* сараң бай; *гөрканачы байлардын көп көтөрдүк оорун.*

ГӨРКӘЛ *өзг.* көрөн – жөрөн, көрөн – шөрөн; *эшекке гөркәл жүктөп алыптыр да.*

ГӨРМЕЙИЛ *ноок.* абдан карылыгы жеткен адам; *ачыгын айтчы, гөрмейил чалдын жүрөгү жарылат дейсиңби?*

ГӨРМҮШ *суз.* шарп; *өгүз гөрмүш менен ооруса керек.*

ГӨРПӨ: **гөрпө каптар** *өзг.* кыз турмушка чыгарда туушкан аял – кыздар чогулуп жууркан – төшөк каптап кам көрүү жөрөлгөсү; *гөрпө каптарда бир сойуш берет;* **эт гөрпө** *ал.* шейшеп; *эй, эт гөрпөңдү нары тарт.*

ГӨРҮШМӨК *өзг.* оюндун аты (бул оюнда келин – кыздар, жигиттер аралашып тегерек тартып отурушат да, алгенде аялдар тараптан бир башчы жоолукту эшип туруп бир жигитке берет, ал ырдап келип, каалаган кыз – келиндин бирөөнө таштап көрүшүп өөп коюу. Оюн улам ошентип улана берет. Кээ бир жерде бул оюн «жоолук таштамай, тоотмек» деп аталат).

ГӨТӨВӨЙ: ак гөтөвөй *жжол.* морт, ак куурайдын бир түрү; *жер төлөнүн ичи – ак гөтөвөй.*

ГӨХРӘН: **гөхрән сынч** *батк.* төшөккө жата турган мезгилде айтылуучу ырымдын бир сөзү (ал ырым төмөнкүдөй: жаттым ṭынч, жастыгым гөхрән сынч, тилим кураан, дилим бусурман, тилегеним ыман, пейиш, эшигиңде гулач жылан, бу жыланга бир миң эки салам, о дуваны окугандарга дозак оту арам (1 – вариант)); жаттым жадымда, турдум аманымда, ырыскым казанымда, максатым жамалыңда (2 – вариант).

ГӨЧӨ *өзг.* көжө; *гөчө – жүдө ширин аш.*

ГӨШ *түшт.* 1. эт; 2. шыралга; *кийик атып гөш бервесе, towдогусу жакшы; бээ саап кымыз бервесе, жowдогусу жакшы* (мак.); **кой гөшү** *лейл.* кой эт; *кой гөшү дәри болот дә;* **ала гөш** *батк.* эти семире элек мал; *ала гөш деп әм койот;* **алаты гөш** *батк.* аз гана ар кайсы жеринде майы бар эт; *алаты гөш алыпсың;* **аңыр гөшү** *пам.* канувазир ойнунда «ууруну» астыңкы – үстүңкү ээрдинен бүйүрө кармап «аңыр гөшүн жейсиңби?» деп айттырып жазалоо; *жарма куйар челек жок, талкан элгер элгек жок, аңыр гөшүн жедирем;* **арпана гөш** *өзг.* бир канча адам чогулуп ортоктошуп союп бөлүп алган эт; *арпана гөш алдык, музоосу муз жаласын, торпогу туз жаласын, башкасын билвейбиз;* **борчо гөш** *ичк.* бир кесим, бир тоголок эт; *бир борчо гөш алып берчи;* **жашык гөш** *батк.* арык, жашык эт; «*дарыйага ким талкан чалыптыр?*» *деген мәтәлди айтты колунда жашык гөшү бар адам;* **кам гөш** *батк.* чийки эт; *колунда кам гөш «аввалгынын мазасын кийинки берсин сазасын» деди;* **кара гөш** *батк.* кара бороң эт; **өлүк гөш** *лейл.* сатылып алынган же башы желип калган эт; **чәксә гөш** *батк.* көгүчкөндүн бир түрү (кадимки көгүчкөндөн чоңураак болот да, маңоороок келет, эти желет); *чәксә гөш байow болот.*

ГӨШМЕЧИ *түшт.* бышкан этти табактарга бөлүштүргөн адам; *ашуусу эгиз тоолордон ашып келген гөшмечи.*

ГӨШТӘР *ал.* эттүү; *чуваң, гөштәр ат болсо.*

ГУЖУ *түшт.* 1. көөрүктүн бир түрү («гужунун» териден жасалган көөрүгү, дөшүсү жана сандалы болот); 2. жыгач идишти ыштай турган көөрүк очок (бул очок купол түрүндө болуп, бийиктиги 50 – 55см., диаметри 40 – 45см. өлчөмүндө жасалат. Анын от жага турган астыңкы, түтүн чыга турган үстүңкү тешиги бар).

ГУЖУМ *батк., карс.* чокмороктошуп үйүлгөн нерсе; *ылай гужум – гужум болуп катып калыптыр.*

ГУЖУМАЛ *жерг. к.* гөжүмал; *гужумал кыз экен киймини тытып салды.*

ГУЖУМЕК *жерг. к.* гәлә; *гужумек болуп алыптыр бирөw кире дә әлвәйт.*

ГУЖУР: **гужур–гужур** *батк.* кажы – кужу; *гужур–гужур эткен үн чыгат.*

ГУЗДА *пам.* суукка тоңуп селейүү; *гуздаган текедей болуп катып калды.*

ГУЙВУ *жерг., ноок., лейл.* 1. чыр, кара мүртөз; *кайда барсале гуйву кылат*; 2. куйтку; *сен гуйву кишисиң, гөргө да батпайсың.*

ГУЙВУЛАН *жерг., лейл.* чыр салуу, кара мүртөздөнүү; *ол гуйвуланып эле жүрөт.*

ГУЛ *жжол.* идиштин бир түрү; *гул, дерезе, чуук, кыша деп айтып бердим.*

ГУЛГУЛ *батк. к.* гулу; *кандай йә кылам гулгулду.*

ГУЛГУЛУ *жерг. к.* кулу; *жети гулгулу тоогувуз бар.*

ГУЛДАМА *жерг.* суунун өйдөдөн ылдый көздөй шуулдап агып түшкөн жери; *агып барып гулдамага кирип кетти эде, алалвадым.*

ГУЛДОW *пам.* агын суунун өтө тез аккан жери; *дәйрийәнин гулдow жери көп болот.*

ГУЛЖА *пам.* кулжа; *гулжа жүгүрдү – күн кайтты* (элдик баам боюнча кулжа жүгүргөндө күз башталып, күндүн күчү кетет).

ГУЛЖАН *жерг., ал.* өсүмдүктүн аты; *гулжан чайыр эрте жаз көгөрөт* (бул өсүмдүк эки ай ичинде кургап кетет, адегенде ак соёсу чыгат. Аны айрым адамдар казып алып, тазалап, жанчып, аталага кошуп ичишкен. Ал кычышкакка, жүрөк ооруга дары катары пайдаланылган. Ал үчүн аны жанчып, майга кошуп, ачкарын жедирип, артынан ысык суу берет).

ГУЛЖАНЧАР *жерг.* кулжанын жаш төлү; *гулжанчар жатат ойдуңда.*

ГУЛЖАЧАР *пам.* алты жашка оогон кулжа; *гулжачар, гулжа, бир әйләнгән гулжа, эки әйләнгән гулжа деп бөлөт.*

ГУЛЖУҢДА *жерг.* бултуңда; *көп гулжуңдавай иште.*

ГУЛУ: **гулу тоок** *батк.* индюк (сал. таж. диал. гулу, гули «тамак, жемсөө»); *сенде гулу тоок көп экен.*

ГУЛУК I *ичк.* кулгуна жаралуу киши; *мойнуга кулгуна чыккан кишини гулук дейт.*

ГУЛУК II *ичк.* 1. голек, кесек; 2. уранды; 3. ири, чоң – чоң катуу топурак; *жердин гулугу көп экен.*

ГУЛУР *ичк.* кулагы жок, бирок дүмүрү гана бир чунак (кой – эчкиге карата гана колдонулат); *гумур улакты байладыңбы?*

ГУМ *пам.* өч; *менде эмне гумуң бар.*

ГУМАЙ *суз., жерг.* өсүмдүктүн аты (узундугу бир метрдей келген, көгүш жашыл өсүмдүк, ысык жерде өсөт); *көпүрөк жакын, көл узаак; барайын десем жол узаак, жүрүң гумайга.*

ГУМАЛАНАТ *ноок.* томолот; *аләс көрпө жүктө жок, әйләнсәм атам үйдө жок, гумаланатам башымды.*

ГУМАН *батк.* өсүмдүктүн аты; *балам, гуманды оруп сал.*

ГУМБЕРЕК *батк. к.* чамберек; *күмүштөн беде йә билеги, күйүттөн беде йә тилегим, гумберегим сынды әә, не кылам.*

ГУМРАН *ар.* салпаяк, мажүрөө; *кесем жолум ow торогон энемди сурар ow атам жок, мен гумран болдум ow күйүттө.*

ГУМЧА *суз. к.* гунча; *бириң–гумча, бириң–гүл.*

ГУНААЖЫН *лейл.* кунажын; *гунаажын көзүн сүзбөсө, бука нашын үзөвү?* (мак.)

ГУНАН *жерг.* кунан; *эр улан болвойт, ат гунан болвойт* (мак.); **кәәр гунан** *пам.* кер кунан; *кәәр гунанды бәйлә.*

ГУНДА I *пам.* 1. бөй; **кара гунда** кара бөй, кара курт; *кара гунда миңбаш, кас чөптөрдүн арасында болот;* **ала гунда** өңү ала бөй (бул бөй чыкпайт); *ала гунда жантактардын түвүдө болот*; 2. *түшт., миф.* жандуулардын пири; **ай гунда** айдын коргоочусу; *жер гунда жердин ээси.*

ГУНДА II *зам.* дүлөй; *Эзим гунда жидэ шум.*

ГУНДЕК *ош.* 1. жалбыракка ашыкча тоюп, жерге кулап түшкөн пилла курт; *жерге кулап түшкөнүн гундек дейт*; 2. *батк.* өз учурунда көмүлбөй калган, тырышып калган жибек курт кутучасы.

ГУНЧА *батк.* чөнөктөн жаңы ачылып келе жаткан гүл; *болор бала богудан* (мак.) *дейт, гунчадай болуп өс.*

ГУН *батк.* дудук; *жигит босо шок босун, шок бовосо гун босун* (мак.).

ГУҢГУРА *түшт.* сайманын, түрдүн аты (бул түр курдун, кештенин жээгине тиш – тиш болуп жасалат).

ГУП: **гуп–гуп** *өзг.* аябай; *гуп–гуп тиледик.*

ГУПА *зам.* чачпакка тага турган кооздук; *гупа алып калыптыр, кызыга сеп кылат экен.*

ГУПАКА *пам.* 1. чачпакка тагылуучу коңгуроо сымал кооздук; 2. *өтм.* чачпак; 3. көмөлдүрүк, куюшканга тагылуучу күмүш төңөлүк.

ГУР I *зам.* ур; *чекегисе гур чыгыптыр.*

ГУР II *жерг.* жыгач, темир буюмдарга түшүрүлгөн сай; *камчыңдын гуру жок экен.*

ГУРАН: **гуран найман** *пам.* уруунун аты («гуран» деген сөз монгол тилинде «үч» деген мааниде учурайт).

ГУРВАТ *жерг., батк.* 1. ушак; *кечээ мени гурват кылышыптыр*; 2. док, чатак; *үкэ, гурват кывачы* (сал. дагдага).

ГУРДАВА *жерг.* чурку; *өзүнү билвеген, өзгөнү көзгө илвеген гурдава.*

ГУРДАН *зам.* керден, шаа кесе; *чоң аяк; о гурданды не десе болот?*

ГУРДОВ *жерг.* суунун айлампасы; *гурдового барва, жутуп кетет.*

ГУРЕК *лейл. к.* «мисченин» бир түрү.

ГУРРЕКИ *батк.* чүкө ойнунун бир түрү; *гурреки ойноп арыдым.*

ГУРУ *лейл.* моюн, жаак, желке бездеринин чормоюп шишик болуп калышы; *гуруну дарылап жок кылат.*

ГУРУЙ *жерг.* 1. уруйуп чыгуу; *өрүк бowруда желим гуруйуп чыгыптыр;* 2. *өтм.* мурчуюу; *эй, көп гуруйбачы!*

ГУРУЛМА *жерг.* жардын боорундагы көк майсаң жер; *гурулмага түшүп бардым.*

ГУРС *батк.* коондун бир түрү; *гурстун ичи кызыл, тышы көк болот.*

ГУТ *батк.* бөй чакканда айтыла турган сөз; *Кара–Бука, Кара Гут, Сары–Бука, Сары Гут, эң мүйүздүw Ала Гут* (бөйөн чакканды дарымдаганда айтыла турган сөздөн).

ГУУЛЖУ *жерг.* кубулжу; *гуулжуган башыңыз, куйкалай турган чагыңыз.*

ГУУР *батк.* цементтен жасалган труба; *илгерки гуурдан көргөнүм бар.*

ГУШАН: **ала гушан** *суз. к.* ала гүшөн; *авада учуп жүргөн ала гушан;* **сасык гушан** «гүшөн» деп аталган канаттуунун бир түрү; *сасык гушан учуп жүрөт.*

ГҮ *суз.* го; *мен сизге әйттим гү, кечке эле кайталай берейинби*!

ГҮW I: оң гүw *пам.* жергиликтүү элдик күү; **сол гүw** башка жактан үйрөнүлгөн күү (Памирде комуз күүлөрү оң, сол деп экиге бөлүнөт да, конкреттүү түрдө төмөнкүдөй күүлөр чертилет): 1. **абышканын**

арман гүw – карылык жөнүндөгү күү; 2. **ак барак ботом** – жалгыз баласын кайберен деп атып алган мерген жөнүндөгү арман күү, бул жагынан ал түндүктөгү «Карагул ботом» күүсүнө окшош; 3. **ак салкын** – ашыктык жөнүндөгү күү; 4. **арман гүw** – сүйүү, карылык же баласыздык жөнүндөгү күү; 5. **ашыра галча, жылкы айда** жылкычылык жөнүндөгү күү; 6. **бедәртәй** сүйүү жөнүндөгү күү; 7. **безели чечен** илгери Безели деген адам ханга карашы сүйлөгөн үчүн анын тилин кескен имиш. Ошондо Безели өзү жөнүндө ушул күүнү черткен дешет; 8. **бостон гүw** илгери бостон уруусу Памирге арып – ачып барганда жергиликтүү байлар аларга конуш бербей койгон имиш; ошондо бир комузчу бул күүнү черткен, күү ушунчалык уккулуктуу чертилгендиктен, эл аларга жайыт бердирген дешет; 9. **бөлөм** – жээндин бөлөгө ашык болгондугу жөнүндө күү; 10. **будан көк** илгери бир ат чабышта бир кембагалдын аты чоң жарыштан чыгып келгендиги жөнүндөгү күү; 11. **гәңгирә солтон** – башка райондордо чертилүүчү «Солтон сары» күүсүнүн варианты; 21. **гәрәгүw** – санат күүлөрүнүн бир түрү; 13. **гөлдүн гүwү** – бир дудуктун өзү жөнүндөгү арман күүсү; 14. **датка Чүчөп келсек ай** – Чүчөп деген хан кызына кембагал жигиттин ашык болгондугу жөнүндө күү; 15. **дәрти өттү** – сүйүү жөнүндөгү күү; 16. **эвире–чевире төwкехан** – тамаша күү; 17. **жүрү–жүрү, чоң теке, кетели** – илгери жут жылында өз тоосунан кетпей койгон теке жөнүндөгү күү; 18. **кавайыт** – санат күү; 19. **кекире майса сuwсады, чөлдө ботом кuwрады** – имиш боюнча алыстан учуп келе жаткан «майса» деген канаттуунун чөлдө суусап, балапандарын канатына катып сайрагандыгы жөнүндө күү; 20. **кеттинен кетти** – илгери бир жетим бала отун алып үйүнө келсе, үйү жок, очоктун жанына бир аяк айран жана баланын комузун таштап кеткен өгөй эне жөнүндө күү; 21. **керме тоw** – санат күү; 22. **куру–куру деңсел, как куру деңсел** – илгери чиренген байдын уулу мергенчи менен мелдешип ууга чыгып, мергенчи бир нече кийик, карышкыр, жана түлкү атып, байбача кур кол кайтып келгендиги жөнүндөгү шылдың мотивдүү күү; 23. **Маманазар гүw** – Маманазар аттуу чоң комузчунун оокатсыздыгы, жалгыз кызынан башка эч кимиси жоктугу жөнүндө карыган кезде чыгарган күүсү; 24. **мукам гүw** – арман күүнүн бир түрү; 25. **ооган гүw** – санат күү; 26. **ооган марш** – колг түшкөн киши жөнүндөгү күү; 27. **пәризәт** – "Паризат" күүсүнүн бир варианты; 28. санат гүw; 29. **төтөл кыз** – тамаша күүнүн бир түрү; 30. **Толубайдын топ жылкы** – көп жылкылуу Толубай деген бай малын уурдатып, кызын ууруга алдырып жибергендиги жөнүндөгү күү; 31. **тору–тору, тор жорго** – аттын жоргосун даңазалган күү; 32. **теке кетти әй** – санат күү; 33. **төwкехан** – кыз баланы эркелеткендик жөнүндөгү күү; 34. **чарча гүлдү** – бир – эки кайрыктуу санат күү; 35. **жәнәйил жалгыз** – Жанайыл жалгыз аттуу жигитти каракчылардын ак жерден өлтүргөндүгү жөнүндөгү күү; 36. **Саринжи Бөкөй** – эпостук күүнүн бир түрү; 37. **Козуке– Байан** – эпостук күүнүн аты; 38. **Зулайка–Жусуп** – элдик Жусуп – Зулайка аттуу поэмага байланыштуу чыгарылган күү; 39. **тәйчи;** 40. **ак барак тәйчи;** 41. **бегарстан тәйчи**;

42. **жорго тәйчи**; 43. **гоңку тәйчи;** 44. **гыңшыма тәйчи;** 45. **коң тәйчи;** 46. **ханәстән тәйчи;** 47. **шаңшыма тәйчи;** 48. **йагастан тәйчи** – кийинки 40 – 48 күүлөр «тәйчи» аттуу күүнүн ар кыл варианттары; мындан башка да ооз комуздун 49. **быйагыма кел–кел, ойагыма кел–кел** – чакыруу мүнөзүндөгү күү; 50. **Жәнкулу тентек** – жеңенин кайнисн жөнүндөгү күүсү; 51. **кара каш бөлөм** – өз бөлөсүнө ашык болгон кыз жөнүндөгү күү; 52. **кыйыртмактын кырк аркар** – санат күү; 53. **мендирмән** – тамаша күү; 54. **тагылык гүw** – уйгурлардын арасында жүрүп өз эл–жерин эңсеген келин жөнүндөгү күү; 55. **теке кетти** – бир келиндин кайнагасы тоодон тирүү кармап келген текесинин бошоп качып чыккандыгын оозеки айта албай комуз күүсүнө салып билдиргендиги жөнүндөгү күү; **булбул гүw** *лейл.* күүнүн бир түрү; **жоргом гүw** *жерг.* жылкынын жорголугун, асылдыгын баяндаган күү; **катык гүw** *ал.* күүнүн бир түрү; **тандай гүw** *жерг.* кыздарга арналган шайыр күүнүн бир түрү; **чалма гүw** *пам.* комуз күүсүнүн аты (бул жөнөкөй, ырсыз чертиле турган күү); **шалкы гүw** *жерг.* колду бош сермеп черткен күү; **шаңкы гүw** *батк.* күүнүн аты; *шаңкы гүwдү бизде, түштүктө чертет.*

ГҮW II *ичк. к.* гүп; *гүw менен майын алат.*

ГҮВӘ *батк.* күбө; *жалганчынын гүвәси – азыр* (мак.).

ГҮВӘЛӘ, ГҮВӘЛӘК *батк., өзг.* ылайдан жасалган момо тоголок; *нандын кәттә – кичине болушу – зүвәләдән, дувалдын пышык–бош болушу – гүвәләдән* (мак.).

ГҮВӘНДИ *жерг.* күбүндү; *гүвәндисини жейт.*

ГҮВӨР *түшт.* коктулуу жер; *гүвөрдө жүргөн экен.*

ГҮВСӘЛӘ *жерг.* торпок, музоо; *гүвсәлә жок, издеп таппадым.*

ГҮВҮ *өзг., лейл.* 1. күп; *гүвүгө май тартат;* 2. *лейл.* чакмак таш ойногондо сол колдун сөөмөйү менен бармагын тегерек кылып, калган манжаларды алаканга таштн жогору ыргытып, ыргытылган таш кайра түшкөнгө чейин жердеги таштарды сол колдун ортосуна салып, топтолгон таштарды оң колго топтоп алуу фазасы; *гүвүнү ойногондо колду гүвүдөй кылып кармап турат.*

ГҮВҮЧҮ *батк.* күп жасаган адам.

ГҮГҮТ, ГҮГҮРТ *ичк.* күкүрт, ширеңке; *сен гүгүрт алдыңбы?*

ГҮЗГҮТ *пам.* шиш; *әстә гүзгүт кылып жүгөр.*

ГҮЗРҮТТӨ *пам.* шиш менен сайгылоо; *сени бирөw гүзгүттөп жатавы?*

ГҮДӘГҮW *ноок.* көөдөк; *жаш нәристә гүдәгүw үйүңдүн болот чырагы.*

ГҮДӘК *өзбк.* көөдөк; *эй, сен хам гүдәксән.*

ГҮДУР *ал.* өңгүл – дөңгүл жер; *Алайдын гүдүрүндө кой жакшы семирет.*

ГҮЖӨӨН *батк. к.* ават (бул уруу Баткендеги Орто – Боздо жашайт. Шоробдогу гүжөөн; 1. жәривек, 2. козувек, 3. буйдаалы болуп бөлүнөт).

ГҮЖҮ *жерг.* «папап» машина менен тигилген көшөгөнүн түрү.

ГҮЖҮК *зам.* жапайы өрдөктүн бир түрү.

ГҮЖҮНДӨ *өзг.* калжында; *көп эле гәжиң – гүжүңдөвөй жүрсөң.*

ГҮЗӘР *жерг., пам.* бир нерсенин түбү желип, оюлуп калган тешиги; *гизилдин түвү гүзәр болуптур.*

ГҮЗӘРӘ *батк.* артыкча; *өз энеден гүзәрә кылып бакты.*

ГҮЗДҮК *өзг.* жүздүк, шакек.

ГҮЗӨР *түшт.* 1. айылдын бир бөлүгү; 2. кичинекей базар; 3. *зам.* тоонун чокусуна салынган үй (илгери бул гүзөрдө шайык адамдар жашаган. Динге ишенгендер бул гүзөргө мал алып келип сыйынышып турган*)*; **мал гүзөр** 1. мал базар; 2. мал көп союлуп сыйынган «гүзөр» жер; 3. жердин аты; *Мал Гүзөрдүн башы дейт.*

ГҮЙ *зам.* абал; *саңырow башы не гүйгө түшөт.*

ГҮЙМӨН *пам.* орол, чырмал; *гүймөнүштүң бир кече.*

ГҮЙМӨНЧҮК *өзг.* күйүмчүл; *гүймөнчүк бала десин.*

ГҮЛ *жерг.* 1. чакмак таш оунунда колдонулуучу фазанын бир түрү; *гүл, чычык, топ таш, тоок көтү, айгүл дегендер болот*; 2. *чүй.* кой оорусунун бир түрү; *койго чечек чыкса, гүл дейвиз*; 3. күүнүн аты; *гүл деген күүнү Атай черткен;* **гүл атып кетти** ◊ *батк.* нан жапканда ар кайсы жери майда – майда болуп көбө түшкөнү; **гүл ачып кой** ◊ *өзг.* кызды турмушка чыгаруу; **ай гүл** *батк.* өсүмдүктүн аты; *ай гүл да бар, мандалак да бар;* **айым гүл** *жжол.* 1. кооз, сулуу гүл; 2. аялдын аты; *бисте Тегерек деген жер бар, ондо айым гүл өсөт;* **алма гүл** *батк.* алманын элесин берген сайманын аты; *алма гүлдү кештелеп бүт;* **апийим гүл** *түнд.* апийим өсүмдүгү жетилген кезде анын ачылган гүлү; *апийим гүл: ак да, мала кызыл да, кызыл да, кочкул кызыл да болот;* **аргун гүл** *жерг.* гүлдүн бир түрү; *жүр, аргун гүл тергени баравыз;* **атыр гүл** *өзг., пам.* чормооктун сабагына окшош ичке, ийри – муйру сабагы бар, тегерек жалбыректуу, көк гүлдүү, үлпүлдөк желекчелүү, абдан жыттуу гүл өсүмдүк; *атыр гүлдөй жыттанасың;* **энгүш гүл** *батк.* өсүмдүктүн аты (ичке сабак алган, жогору жагынан борсойгон тоголок – тоголок бүр байлаган тоо өсүмдүгү); *энгүш гүл өсөт;* **әңгишәнә гүл** *суз.* кечинде күн баткандан кийин гүл ача турган өсүмдүк; *әңгишәнә гүл салкында ачылат;* **бак гүл** *алб.* роза гүлү; *бак гүлү илгертен өсөт;* **бакмал гүл** *лейл.* өсүмдүктүн бир түрү; *бакмал гүл да – гүл;* **бәәр гүл** *пам.* өсүмдүктүн аты; *бәәр – бәәр, бәәр гүл, жапырмагы зәәр гүл* (мак.); **бедер гүл** *пам.* 1. өсүмдүктүн бир түрү; 2. ушул өсүмдүктүн гүлү салынган түр, сайма; *бедер гүлдү сала гөр;* **бедерлүw гүл, беш бедерлүw гүл** 1. өсүмдүктүн аты; *бедерлүw гүлдөй күлпунат*; 2. сайманын аты; *бедерлүw гүл деген кештени «газ айак» деп әм әйтә береттер;* **бешик гүл** *жерг.* 1. бешикке салына турган орнаменттин бир түрү; 2. көйнөктүн жакасына салына турган түр; *көйнөк/к/ө бешик гүлү салып тиктик;* **бото көз гүл** *батк.* майда көк гүлдүү өсүмдүк (көбүнчө эгиндин арасына чыгат); *бото көз гүлдү үзүп көрсөт;* **булак гүл** *пам.* бир сабагына 7 – 8 топ алган, 3 – 4 айрым сайма жалбыректуу, чөйчөкчөлүү, чаңчалары агыш, кооз гүл өсүмдүгү (көбүнчө булактын баш жактарына топ – топ болуп өсөт); *булак гүлдөн бар бекен?;* **жашыл гүл** *батк.* өсүмдүктүн аты (тоого чыга турган, башында тоголок көк гүлү бар өсүмдүк); *«жашыл гүл» деп бир хылы айтса, бир хылы «көк гүл» дейттер;* **жийде гүл** *түшт.* 1. жийденин гүлү; 2. сайманын аты (өсүмдүктөрдүн аттарына байланыштуу дагы: «бадам, бәрк, тал бәрги, калемпир, сегиз пистә, анар көчөт, алма көчөт» өңдүү ж.б. саймалар бар); **жең дози гүл** *жерг.* адегенде кичинекей кездемеге сайма сайылып, анан жеңге тагылып алынган кеште; *жең дози гүлдү*

жеңдин учуга тигип алышат; **жүгөрү гүл** *чүй.* өсүмдүктүн аты; *бизде жүгөрү гүл дейт, силерде эмне дейт болду экен!* (Ысык – Көл жакта ал «чыйпылдак» деп аталат)*;* **жылдыз гүл** *чүй.* 1. гүлдүү өсүмдүктүн бир түрү*; күн батканда ачылган гүлдү жылдыз гүл дейт*; 2. *пам.* сайманын бир түрү; **жыпар гүл** *жжол.* өсүмдүктүн аты; **зээр гүл** *пам.* жыты ачуу гүл; **доңкулдак гүл** өсүмдүктүн бир түрү; **кака гүл** гүлдүн аты; *кака гүл деген гүлдү төшөмөк болот;* **камчы гүл** *түшт.* күрөң кочкул гүлү бар өсүмдүк (анын гүлүн тамак ооруга дары катары пайдаланат); *савагы куду камчы саптай, ону камчы гүл дейт;* **катмакат гүл** *батк.* 1. өсүмдүктүн бир түрү; *катмакат гүл талаада өсөт;* 2. сайманын аты; **каттама гүл** *батк., өзг.* гүлкайыр; *каттама гүл тергени кетиштиг;* **кашкар гүл** *суз.* өсүмдүктүн аты; *кашкар гүл бар дейт, мен көрө элекмин;* **кээр гүл** *батк.* тоодо өсө турган майда сары гүлдүү өсүмдүк; *кээр гүл тере келгилечи;* **кәвиш гүл** *батк.* өсүмдүктүн аты (узун ичке сабактуу, майда жалбырак алган, өңү бозомтук, көк гүл ачкан өсүмдүк); **кәсә гүл** *лейл.* **курактын бир түрү; коңгуроw гүл** *батк., суз.* өсүмдүктүн аты; *коңгуроw гүлдүн өңү кызгыч болот;* **коргошун гүл** *түнд.* уу коргошун өсүмдүгүнүн гүлү; *крогошун гүл күлгүн келет, тоодо өсөт;* **көз гүл** *жерг.* 1. өсүмдүктүн аты; 2. *өтм.* темир кооздукка түшүрүлгөн кештенин бир түрү; **көк гүл** *суз., батк.* гүлдүү өсүмдүктүн бир түрү (өңү көк, узун ичке сабак алып, апрель – май айларында гүлдөйт, илгери жергиликтүү эл көк жөтөлгө дары катары кайнатып ичиришкен); *көк гүлдү каттык жөтөлгөн адамга кайнатып ичирет эде;* 3. *батк.* улар оту; **көк седеп гүл** *батк.* өсүмдүктүн аты; **күрүч гүл** *пам.* сабагы байчечекейге, башы күрүчкө окшош гүл өсүмдүгү; *күрүч гүлдөй жайнайт;* **кызгалдак гүл** *зам.* кызгалдактын гүлүн элестеткен сайма; *ол кызгалдак гүл деген кеште;* **кызыл гүл** *тоң.* өсүмдүктүн аты; *кызыл гүлдүн уругун этке севет;* **кырман гүл** *жерг.* тоого чыгып, гүл ала турган өсүмдүктүн аты; *кырда бир кырман гүл эдең;* **мончок гүл** *батк.* өсүмдүктүн аты (ичке сабактуу, майда жалбыractуу, тегерек көк гүлдүү өсүмдүк. Тоодо өсөт); **намашам гүл** *пам.* 1. сабагы кыска, жалбырагы кичине кызгылтым майда кооз гүлү бар өсүмдүк (анын гүлү кечкисин ачылып, күндүз жабылып калат); *намашам гүлдөн көп терип кел;* 2. товардын бир түрү; **новруз гүл** *лейл., зам.* өсүмдүктүн бир түрү (кээ бир жерде «чикилдик» деп аталат); *новруз гүл мәйдә топ болуп чыгат, кулпу гүлдөйт, дәри болот;* **орус гүл** *пам.* байчечекейдин бир түрү; *орус гүл чыгат* (бутактары тарбайыңкы, гүлү көпкөк, түбүндө томолок дүмүрчөсү бар өсүмдүк); **өрүк гүлү** *батк.* өрүктүн кагын кайнак сууга салып жибитип, компот иретинде иче турган суусун; *мен барсам өрүк гүлү кылып отурган экен;* **өскөн гүл** *батк.* өсүмдүктүн аты *(*калын, жылмакай, тегерек көгүш жалбырагы бар, өзөктүү өсүмдүк); **өтүк гүл** *лейл.* өсүмдүктүн аты; *өтүк гүл өтүк такылетти болот;* **пат гүл** *түшт.* сайманын бир түрү; **пәпич гүл** *батк.* өсүмдүктүн аты (кырмызы түстүү гүл ачкан, ичке жумшак сабактуу өсүмдүк); **печек гүл** *өзг., батк.* гүлдүү өсүмдүктүн бир түрү; **пистән гүл** *пам.* бийик чыгып, көк гүл ала турган өсүмдүк (кээде ал «гулапшан» деп да атылат); *пистән гүлдү көлөкөгө*

кургатып учук оwруга чай кылып берет; **помбаркут гүл** *өзг.* өңү коюу кызыл тарткан өсүмдүктүн аты; *помбаркут гүлдү сугарып келем;* **раван гүл** *батк.* раван аттуу өсүмдүктүн гүлү; **райкан, райхан гүл** *түшт.* өсүмдүктүн аты; **сайма гүл** *пам.* чоң – чоң, кооз, кызгылт сары гүл ачкан, гүлүндө тарам – тарам оймо – чиймелүү издери бар, кара чаңчалуу, чанагы чоң өсүмдүк (көбүнчө жайлоолорго чыгат); *сайма гүлдөй түрлөнөт;* **сары гүл** *батк.* 1. өсүмдүктүн аты (шүүдүрүм кезде тийсе темир сымал үн чыгарып чорт сынат да, күн тийгенден кийин чоюлчаак болуп сынбай калат. Жергиликтүү эл сарык, жүрөк ооруга дары катары пайдаланып келишкен. Өзү ичке сабактуу, майда жыш сары гүлдүү өсүмдүк. Тоонун бийик жерлеринде өсөт); *сары гүлдү кайнатып, сүwүтуп ичирет;* 2. кычы, ындоо; 3. чачыраткы; **сары чычкак гүл** гүлдүн бир түрү; **сейдәнә гүл** *батк.* майда тоголок сары гүл ача турган жумшак сабактуу өсүмдүк; **сөйкө гүл** *чүй.* өсүмдүктүн аты; *күл кайыр, шимүүр куурай, сөйкө гүл өсөт;* **сыйа гүл** *батк.* өсүмдүктүн аты; *сыйа гүл, жийдәнин гүлү, бийнин гүлү дейвиз;* **бәрки тамаша гүл** *суз.* өсүмдүктүн аты; *бәрки тамаша гүлдөн үзгөнүңдү айтайын;* **тәжи гүл, тәжи короз гүл** *суз., жерг. батк.* тооктун таажысына окшош гүлү бар өсүмдүк (гүлдүн өңү кызыл болот); *тәжи гүл жок, тапсам—көрсөтөм;* **тамеки гүл** *чүй.* гүлдүү өсүмдүктүн бир түрү; жалбыректары тамекиге окшош, ошон үчүн тамеки гүл дейт; **темир гүл** *жерг.* өсүмдүктүн аты (майда тоголок кызгылт гүлү бар өсүмдүк); **топу гүл** *лейл.* 1. өсүмдүктүн аты; 2. сайма, куректын көчөтү; **топчу гүл** *батк.* 1. өсүмдүктүн аты; *топчу гүл үзгөндө «серке секирсе кой үркөт, бий секирсе эл үркөт» деведиви* (ичке катуу сабактуу, тоголок топчу сымал көк гүл ача турган өсүмдүк); 2. ушул өсүмдүктүн элесин берген сайманын аты, түрү; **чалдывар гүл** *пам.* төрт – беш кызыл желекче ачкан, кара саймалуу, ичке, түктүү жана сүйрү келген гүл өсүмдүк (көбүнчө эски уранды жерлерге көп чыгат); *чалдывар гүлдү аралады;* **чаң гүл** *өзг.* жайнап ачылган гүл; *чаң гүлүмдөн бир гүлүм ачылганча жүрсөңчү;* **чекме гүл** *жерг.* 1. өсүмдүктүн аты; 2. *өтм.* темир кооздукка түшүрүлгөн кештенин бир түрү; **чечен гүл** *ал.* өсүмдүктүн аты; *чечен гүл – гүлү бар өсүмдүк;* **чечендер гүл** *лейл.* килемге түшүрүлүүчү гүлдөрү чоң – чоң көчөт; *чечендер гүлү – кәттә – кәттә ойулат;* **чыны гүл** *суз. гүлдүү өсүмдүктүн бир түрү;* **чырмоок гүл** *түнд.* өсүмдүктүн аты; *эшиктин алдына чырмоок гүл өстүрүптүр;* **ширин күрүч гүл** өсүмдүктүн аты; **гүлдүн тәгидә тuwулган** ◊ *батк.* эрке.

ГҮЛАЙ *батк.* 1. гүлдүү; 2. *өтм.* кооз; *гүлай кештелүү таар;* 3. *жерг.* оюн – зоок; *мен гүлайга чыктым.*

ГҮЛАЛА *жерг.* 1. чаар ала гүл; *гүлала жороп токуп бер;* 2. *лейл., терг.* ай; *асты тагара, үстү загара, кырк миң чечек, бир гүлала* (таб. ай, асман, жер, жылдыз).

ГҮЛАПСА *ыск.* оорунун аты (адамдын боор оорусунун бир түрү); *бооруна гүлапса чыгып, оңолвой кал.*

ГҮЛАПШАН *пам.* 1. өсүмдүктүн аты; *мамыры, кумуру, гүлапшан өсөт;* 2. *жерг.* темир кооздукка түшүрүлгөн кештенин бир түрү.

ГҮЛАС *түшт. к.* гиләрс; *гүластын шагын жамынды.*

ГҮЛӘК *жерг.* гүлдүү чынынын сыныктарын чүкө катары атып ойногон оюн; *жык бала, хәммәси гүләк ойноп жүрөттөр.*

ГҮЛӘЛИ *жжол.* кызгалдак; *гүләли деген өсүмдүк: кокон гүләли, кызыл гүләли болуп бөлүнөт.*

ГҮЛӘПШӘН *ичк.* оорунун аты (дем кысылып көгөрүп, кызамык сыяктуу бүдүргөнөктөп тээп чыгып ооруйт. Илгери эмчилер «гүләпшән» менен ооруган балдардын үстүнө жоолук, «дәкәшәл» жаап коюп, эки киши бири – бирине – бирөө баланын башына, бирөө аягына тескери карап отурушуп, алдына боорсок койдуруп, «гүләпшән» демин үч сыйра кайра – кайра айтып, улам боорсоктон бир – бирден артына карай жоолукка ыргытып дарымдашкан. Дарымдаганда алардын үстүнө киши киргизилчү эмес экен).

ГҮЛБАЙЫР *лейл.* 1. килемге түшүрүлүүчү көчөттүн бир түрү; 2. ушул көчөт түшүрүлгөн килем.

ГҮЛБАРА *пам.* кыйыкта кооздолуп жасалган баш кийим (сал. таж. «гүл», «буридан» кыюу, кесүү); *гүлбара кийсең жарашат.*

ГҮЛБОТО *түшт.* көгүш түстөгү упураган чопо топурак (муну жергиликтүү адамдар үй шыбоого колодонушат); *гүлбото әк окшоп түс берет.*

ГҮЛБУРАК *жерг., ал., ноок.* гүл жыттуу.

ГҮЛЖАН *зам.* гүл сыяктан; *сен жатасың гүлжанып.*

ГҮЛГААКЫ *ноок.* күүнүн аты (сүйүү жөнүндөгү күү, бул күү кичине текст – ыр менен чертилет. Сөзү төмөнкүдөй: «көтөрмө арык бойунан, баса алвадым Гүлгаакы; көңүл таап бир дува, айта алвадым Гүлгаакы; колхоздун кызы Гүлгаакы, гүл кондурдуң бакчага; кыжаалат болуп жүргөчө, жүр кетели бир жакка»).

ГҮЛГАНА *жерг.* гүл; *саргалдактай гүлганам.*

ГҮЛГҮМДӨР *зам.* күкүмдөй майда нерсе; *буwдайдын пакалын гүлгүмдөр кылып таң айдайт.*

ГҮЛГҮНАЙ *пам.* 1. ачык, тунук нерсе; 2. *өтм.* карын май; *ойагы такта, быйагы такта, ортосунда гүлгүнай пахта* (таб. карын май).

ГҮЛГҮР *жжол.* жыргал, кумар; *бу тараптан таппадым кыздай гүлгүр.*

ГҮЛГҮРЛҮК *жжол.* шоктук, кылыктуулук; *билбейсиңби, кыздардын гүлгүрлүгүн, оромолун көтөрүп каш кагышат.*

ГҮЛДӘН *өзг.* гүлдөп, жыргаган эл, журт; *күз айланганда гүлдән бир элиң жоктоду.*

ГҮЛДӘР *лейл.* гүлдүү, гүлү көп.

ГҮЛДӘСТӘ *лейл.* букет; *гүлдәстәдәй ак келин.*

ГҮЛДӘСТӘЛӘ *лейл.* букеттөө; *жүдә жасап гүлдәстәләгән экен.*

ГҮЛДӨ *батк.* өпкө куйганда ыйлаакчалардын барсайып чыгышы; *өпкө куйганда гүлдөп кетет деп жаш балага көрсөтпөйт* (ошондой эле баланын көзү кызарып калат деп да чочутушат).

ГҮЛДӨЗҮ *жерг.* гүлдүү.

ГҮЛДҮҢДӨ *батк.* томпоңдо; *кекилик чакырганда гүлдүңдөп издеп тилешет.*

ГҮЛДҮР I *түшт. к.* чалдыр; *асты таш, үстү таш, ортосунда гүлдүр баш* (таб. ташбака).

ГҮЛДҮР II: **гүлдүр гүп** *түшт.* күптү бышуу; *гүлдүр–гүлдүр гүлдүрсүн, мойнуң толо ак мочок. Болотбайдын кызысың, гүлдүр гүп–гүлдүр гүп* (таб. күп).

ГҮЛДҮР III *ал. к.* гүдүр.

ГҮЛДҮРМӨН *зам.* 1. гүлдүр – гүлдүр этип үн чыгарган нерсе; 2. *терг.* «гүп, док челек»; *гүлдүр–гүлдүр гүлдүрмөн, гүлдүрмөндүн кызымын.*

ГҮЛЖАР *жерг.* 1. ачык мүнөз; *жайдары аял;* 2. аялдын аты.

ГҮЛЖӘНЧӘР *жерг.* кулжачар; *гүлжәнчәр жатат ойдуңда.*

ГҮЛЖҮ *өзг.* чүкөнүн алчы турушу; *мына, менин чукөм гүлжүдү.*

ГҮЛЗАДА *түшт.* 1. гүлдүү; 2. *өтм.* сүйгөн ашык; *гүлзада сени мактайын.*

ГҮЛЗӘР *ар.* гүлү көп, коюу, чогуу өскөн жер.

ГҮЛЕНЧЕК *батк.* селкинчек; *кечесиге гүленчек тепкени көп балдар келди* (сал. жеңилчек).

ГҮЛИСТӘН *лейл.* гүл жайнаган жер; *жазындагы гүлистан, кышындагы гөристән* (таб. жүзүм).

ГҮЛКАВАТ *жерг.* гүлү коюу, калың өскөн жери; *ай тийген тоwлор гүлкават.*

ГҮЛКАКА *зам.* кооздоп жасалгалагандык; *гүлкакадай үй.*

ГҮЛКАН *тяньш. к.* гүлзәр; *бу жайды гүлкан кылган.*

ГҮЛКАНА *зам.* гүлү көп жер; *үйүнүн ичи гүлкана.*

ГҮЛ КЫЗ *зам.* толуп, бойго жеткен кыз; *эжели – сиңди гүл кыздар, оң чекеңе гүл кыстар.*

ГҮЛМҮК *өзг. к.* гүлмык; *гүлмүктү сууруп арканы менен жок.*

ГҮЛМЫК *өзг.* 1. майда мык; *гүлмык сатып алдым*; 2. темир казык; *үйду байлайлы, гүлмыкты кагып койчу.*

ГҮЛПАЙ *жерг., терг.* өлгөн эрине карата аялдын колдоно турган сөзү.

ГҮЛПЕЙИШ *ичк.* гүлү жайнап, бак – дарагы бүрдөп, алма – өрүгү самсаалап, жыты аңкып, чөбү буралып турган жер; *алма – өрүктү көрүп гүлпейиш экен деди.*

ГҮЛПӨТТӨ *пам.* алпечте; *гүлпөттөгөн балдарың күйөрсүз кандай багайын.*

ГҮЛПҮЛДӨТ *пам.* бир нерсени көөлгүтүү; *гүлдөнала көйнөктү гүлпүлдөткөн ким болду?*

ГҮЛПЫК *өзг. к.* гүлмык; *атам атын гүлпыкка байлады.*

ГҮЛСАНА *пам.* «Жалайыр жалгыз» поэмасынын башкы каарманы (Жалайырдын бир тууган карындашы Гүлсана бир тууган агасынын каны үчүн акыл менен алты каракчыны өлтүрөт, мында өч алуу идеясы көрсөтүлгөн).

ГҮЛСӨWГЕР *лейл.* ит мурун; *гүлсөwгердин дәнини жыйып кетет.*

ГҮЛТАСЫН *жерг.* өсүмдүктүн аты; *гүлбәрә кийсең жарашат гүлтасындай бойуңа.*

ГҮЛТҮК *ыск.* капкандын тээгинин бир аты; *гүлтүк кийизден жасалат.*

ГҮЛҮК: ала гүлүк *өзг.* 1. чырактын жарыгына айланып учкан барбана көпөлөк; *ажал жетсе ала гүлүк да өлөт, адам да өлөт*; 2. *атб.* коңуздун бир түрү; *ала гүлүк – коңуздун бир тукуму.*

ГҮЛҮСАДБӘРК *жерг.* сайманын бир түрү; *ону гүлүсадбәрк дейт.* (сал. таж. гүлү «гүл», сал. «жүз» бәрк «жалбырак» жүз жалбырактуу гүл).

ГҮЛХАН *жерг.* 1. өсүмдүктүн аты; 2. *өтм.* темир кооздукка түшүрүлгөн кештенин бир түрү; *гүлхан салып кештелейт.*

ГҮЛХӘН *зам.* от; *гүлхән жагып ойнодук.*

ГҮЛЧАМБАР *түшт.* клумба; *гүлчамбардай гүлдөйсүң.*

ГҮЛЧӘӘ *жерг. к.* гүлчө; *жеңем бүгүн кичине гүлчәә бышырды.*

ГҮЛЧЕЧЕК *зам.* ар кыл байчечекей; *асты – тагара, ортосунда – гүлчечек ала* (таб. ташбака).

ГҮЛЧӨ *лейл.* 1. бир нерсенин кичине бир бөлүгү; *Айкыз эже, бир гүлчө самын бериң*; 2. кичине нандын бир түрү; *гүлчө жедик*; 3. *жжол.* уруунун аты; *гүлчө, бавы, борколдой, курванвай деген урук бар;* **бурама гүлчө** *лейл.* камырдан ичке кылып буралып, каймак сүртүлүп жасалган токоч; *бурама гүлчө бышырат.*

ГҮЛЧӨТАЙ *суз., батк.* 1. кичине

нандын бир түрү (сүткө жуурулуп, бетине зире себелип, кичине – кичине кылып жасалат); 2. *батк., тал., өзг., жжол.* үзмө (тамактын бир түрү); **жетим гүлчөтөй** *тал.* эти жок, жумуртка куурулуп жасалган күлчөтай тамак.

ГҮЛЧҮН I *пам.* чарыктын согончок жагына кошулуп тигилүүчү кайышы; *гүлчүн койуп өзүмө чарык тиздим.*

ГҮЛЧҮН II *батк.* тегирмендин бир деталынын аты; *тегирмендин гүлчүнү желип калыптыр.*

ГҮЛШАК *зам.* бүрдөп турган бутак; *гүлшакка ат байладым.*

ГҮМ I *ичк.* жок кылуу, күм – жам кылуу; *сыйыр көрүнбөй гүм болуп кетти;* **гүм болчу, нары** жоголчу, ары; **гүм кыл** көргөзбө; *гүм кылып тик.*

ГҮМ II *зам.* суунун терең аккан жери; *гүмдөн өтө алвайсыңбы, деведимби.*

ГҮМӘНИМДӘ *пам.* менимче; *гүмәнимдә, сени бир жерде көргөндөй болдум.*

ГҮМӨНДӨР *пам.* күмөндөр; *ол гүмәндәр болуп жүрөт.*

ГҮМБЕС *чүй.* күмбөз; *гүмбестен бери чыкты.*

ГҮМӨР *жерг.* күнөөм; *гүмөр сүйлөйсүң.*

ГҮМБҮРЛӨ *зам.* күлдүрөп – калдырап куланууу; *келе жатсам таштыр гүмбүрлөп кулап кетти.*

ГҮМҮРӨЙҮГҮМ *алб.* былк этпей калгандык; *үйгө кирип алып гүмүрөйүгүм боп уктап кетти.*

ГҮНӘЙ *түшт.* күнөө; *гүнәйиң болсо төгүлөт.*

ГҮНӘЙИ *суз.* бадамдын бир түрү (жумшагы).

ГҮНДӨ *батк.* май басканда зыгыр, чигит ж.б. салып коюу үчүн жасалган узундугу 1,5м. келген, жоондугу кучак жеткис, ортосу оюк жыгач буюм; *гүндөгө зыгыр салып койуп басат.*

ГҮНДӨӨ *суз.* бутка салына турган кишендин бир түрү; *бутун салып гүндөөгө тарамышын кыйдырган.*

ГҮНЖҮТ *зам., лейл.* данынан май алына турган өсүмдүк; *гүнжүттү нандын бетине салат, май чыгарат.*

ГҮҢ I *лейл.* дудук, сакоо; *о тили жок гүң.*

ГҮҢ II *пам.* бардык жагы тосулуу, бийик, муздуу тар жылга; *кийиктер Казан – Жылганын гүңүндө жаткан экен.*

ГҮҢ III *батк.* бишкек; *гүңдү алып чаначтагы айранды быш.*

ГҮҢГҮР *зам.* чырактын панжасы; *гүңгүрө алып кийгиз.*

ГҮП I *ичк., түшт.* 1. чийки уютулган айрандан май чыгарып алынуучу узун тик челек; *гүвүңдү берип турчу, айранымды бышып алайын* (сал. мк. күп); 2. *өтм.* соргок; *Чынывай деген гүп өткөн;* 3. тамаксоо; **гүп салды** *жерг.* тамактын аты (сал. ширик).

ГҮП II *пам.* мурунку мезгилдерде колдонулган эски мылтыктын бир түрү; *ол кийикке дәймә гүп алып чыккан* (шыйрактуу кара мылтык).

ГҮПКӨ I *жерг.* идиштин бир түрү; *гүпкөгө салып койуң.*

ГҮПКӨ II *жерг.* жаш музоо байланууучу жай; *торпокту гүпкөгө кийир.*

ГҮПСӨР *өзг.* күндүн бүркөлүп туруп шарт ачылып кетиши; *күн гүпсөрүп тургандай күлүп чыктың.*

ГҮПТӘН *зам.* тантык; *ол жеткен гүптән экен.*

ГҮПҮ *жерг. к.* гүп; *әйрәнди гүпүгө тарттым* (гүпүнү кээде «доккәш» деп да айтылат).

ГҮПҮР *пам.* адаттан, традициялык жолдон чыккан адам; *гүпүр болосуң дедим.*

ГҮПҮРТ *батк.* апырт; *намыз кывай эле гүпүртүп жалганды сүйлөй берет.*

ГҮПҮРЧҮ *жерг., батк.* ушакчы; *гүпүрчү болуп бүрөwдү каралава.*

ГҮПЧҮ *батк.* бирге экини кошуп сүйлөгөн адам; *мен апчы болсом, сен гүпчүсүң.*

ГҮР *атб.* бир центнер өлчөмүндөгү салмак; *бир гүр өлчөмүндө.*

ГҮРӘ: гүрә–гүрә *батк.* үйүр топ; *кийиктер ол тоwдо гүрә–гүрә болуп жүрөр эди.*

ГҮРӘЗ *пам.* орой, чоң муштум; *Әәмет жүдә гүрәз бала.*

ГҮРӘЗДИК *пам.* оройлук, чоң муштумдук; *мунун гүрәздиги өтүп кетти.*

ГҮНВӘЗӘ *лейл.* «сандалдын» бут коё турган жыгачы; *гүрөвәзәни жаман чапып алды.*

ГҮРГҮНӨ *жерг.* суунун таштан – ташка урулуп күрүлдөшү; *гүргүнө суw экен.*

ГҮРГҮТ *лейл.* күкүрт; **алтын гүргүт** *батк.* дарынын бир түрү (муну менен ящикке салынган өрүк мөмөлөрүн ыштап, анан кургатып алышат); *алтын гүргүт деген дәридән салат.*

ГҮРДҮ *пам.* уруунун аты; *гүрдү тобу найманга кирет.*

ГҮРКҮРӨ *пам., жерг.* күркүрө; *караңгы үйдө каман гүркүрөйт.*

ГҮРМӨ *чүй, ыск.* сырт кийимдин бир түрү; *гүрмө шым кийип алыптыр.*

ГҮРМӨК *түшт.* күрмөк; *шалынын бәәнәси менен гүрмөк суу ичиптир* (мак.); **мадал гүрмөк** *алб.* өсүмдүктүн аты; *шыпыргы, мадал гүрмөк, тарак чөп өсөт.*

ГҮРЕК *лейл.* канаттуунун аты; *ол гүрек күү, оноwу турган.*

ГҮРӨЗ *лейл.* 1. жоон моюн; 2. *өзг.* балбан; *мәлик гүрөз әйткәнини кылат.*

ГҮРӨК: **гүрөккө турбаган сөз** ◊ *жжол.* эчтекеге татыбаган кеп; *гүрөккө турбаган сөздү сүйлөй берет.*

ГҮРСҮ *жерг.* күрсү; *гүрсү менен жәйәт дейт.*

ГҮРҮМ *жерг.* 1. кыштын күнү чайканага чогулуп, коллективдүү түрдө тамактануу жөрөлгөсү; 2. *өтм.* чогулган топ эл; *шынчайи гүрүми бар ки, койо бериң*; 3. чогулуп сөз кылуу; *гүрүм кылдылар.*

ГҮРҮҢ I *жерг.* кобур – собур аңгеме; **гүрүң бер** *жерг.* өткөн – кеткенден сүйлөп берүү.

ГҮРҮҢ II *батк., лейл.* 1. үрүң – баран; *гүрүңдө туруп беде ордум*; 2. күүгүм.

ГҮРҮҢДӨШ *жерг.* аңгемелешип сүйлөшүү; *экөwүз гүрүңдөшүп алалычы.*

ГҮҮ *өзг., лейл. к.* гүп.

ГҮҮЖҮ *пам.* дүүлүк; *бүгүн түндө гүүжүгүп жата алвай чыктым.*

ГҮҮЖҮМ *өзг.* бүт, такыр; *сарпталды гүүжүм ыкласы.*

ГҮҮКӘПТӘР *зам.* канаттуунун аты.

ГҮҮЛӨНЧӨК *бакт. к.* гүленчек; *гүүлөнчөк ойнойт.*

ГҮҮСӘЛӘ *лейл.* канаттуунун аты.

ГҮҮШӨ *ичк.* буудайдын кабыгын ушалоо, ушалап тазалоо; *буудайды гүүшөп тазала.*

ГҮШӨН *чатк. к.* гушан (мунун: сасык гүшөн, ала гүшөн деген түрлөрү бар).

ГҮШҮНӘ *ичк.* ач көз, ачкорок; *гүшүнә киши экен.*

ГҮШҮНӘЙ *батк. миф.* жувазчылыктын пири; *жүвәздин пири – әзирети Гүшүнәй.*

ГЫВАР *батк.* илдет; *өпкөсүндө бир гывар бар бекен?*

ГЫВЫРА *пам., лейл.* чевиренин (чөвүрөнүн) баласы; *ээ, биздин гывыра беде?*

ГЫДЫМА *жерг.* бир нерсени

кайра – кайра майдалап сүйлөгөн адам; *оо, гыдыма адам экен.*

ГЫДЫРЕК *баткч.* тегирмен ташты жылдыруу үчүн анын астына коюла турган эки дөңгөлөкчөсү бар жыгач арабача; *балкачынын бир урганыдан, базганчынын бир урганы* (мак.), *гыдырегиңди ондо.*

ГЫДЫРМА *зам.* жугуштуу мерез оорусу; *Әбдирәйимдин үйүгө барбагыла, гыдырма болуп жүрбөсүн.*

ГЫДЫРУW *пам.* ирим, суу ойногон айлампа жер; *гыдырuwga балык боло беде?*

ГЫДЫРША *ичк.* уруунун аты; *гыдырша Жерге–Талда, Баткенде бар.*

ГЫЖА *батк.* 1. аска таштардын боорундагы жалгыз аяк из, жол; 2. *батк., лейл.* там, таштардын жаракасы; *тамга гыжадан шамал кирип турат*; 3. *батк.* бир нерсенин кычыгы (там. таш); *таштын гыжасыга өсөт*; 4. *өтм.* шынаа.

ГЫЖАВА *жерг., лейл.* жин, ачуу; *гыжавам келип турат.*

ГЫЖАК *жерг., зам.* кыл кыяк; *гыжак ойноп койчу.*

ГЫЖАҢ *батк.* чычкак; *гыжаң болду.*

ГЫЖАПКА *батк.* тоо, зоонун жаракасы.

ГЫЖДАН *батк., лейл.* 1. ачуу, каар; *гыжданым кайнап эле кетип баратат*; 2. шоктук.

ГЫЖЕК *пам. к.* гыжак; *гыжекти сүйлөткөн карагайдын чайыры* (мак.).

ГЫЖУW *жерг.* «турна катар» кештесинин жээгине бастырылган кыюуча; *онусу–ыскыт, онусу–гыжuw.*

ГЫЖЫ I *батк.* кыжы – кыйма болуу; *базардагы эл гыжып кетиптир, басканга жол жок.*

ГЫЖЫ II *пам.* бир нерсенин четин (кийиз, туш кийиш ж.б.) шоона менен каюу; *тuwурдуктун чекесини гыжып бүттүм.*

ГЫЖЫЛ *ноок.* куса; *гыжыл болуп бир жерге турвайт да.*

ГЫЖЫЛДУW *ноок.* кусалуу; *ол гыжылдuw болуп жүрөт.*

ГЫЖЫМ *батк.* баркыт; *гыжымдан кәмзир тигип берди.*

ГЫЖЫН *батк.* ачуу; *онун гыжыны келди.*

ГЫЖЫП *батк.* тоо – таштын алкак болуп турган жери; *бир гыжып менен асылып, тowдун башыга чыгып кетти.*

ГЫЗА *пам.* бир нерседен араң эле ооз тийүү; *эки–үч күндөн бери кәсәлдәп, бүгүн гана кичине гыза кылып калыптыр.*

ГЫЙ: **гый–чый** *батк.* ызы – чуу; *эл келип гый–чый болуп кетти.*

ГЫЙА *лейл.* жалпы эле көгөрүп өсүп турган чөптөр; *талаа бүт гыйа.*

ГЫЙАКЧЫ *жерг.* «гыжак» тарткан адам; *гыйакчы адам барбы?*

ГЫЙВАТ *жерг., зам., батк.* ушак.

ГЫЙВАТЧЫ *зам.* ушакчы; *о гыйватчы адам, келер күнүм бар бекен деп койот.*

ГЫЙВАТЧЫЛЫК *зам.* ушакчылык; *гыйватчылык кылваса күнү өтпөйт.*

ГЫЙВЫРА *лейл.* кывыра; *гыйвырап эле жүрө бересиңби?*

ГЫЙГЫЙ *пам.* бороон – чапкын; *гыйгыйда үйдө отурдук.*

ГЫЙДА *лейл.* от тутанта турган ичегилик бир нерсе (куурай, отун, тезек ж.б.); *ат кулакты кыйда кыл.*

ГЫЙЫ:АТ *батк. к.* гыйват; *гыйпат сөз айта веде?*

ГЫЙПАТТА *батк.* көзү жокто жамандап сөз айтуу; *жаны барда жалынган жаман эрдин иши имиш деп гыйпаттады.*

ГЫЙЫЛДА *ичк.* кырылда; *тамагы гыйылдып калат.*

ГЫЙЫЛДАШ *батк.* кыжылдаш; *гыйылдашып сәнжирә карашкан.*

ГЫК *батк.* бирдеме деп үн чыгаруу; *гык берсе, тили кесилет.*

ГЫЛААН *пам.* тоонун чымын-чиркейи жок муздуу, кардуу бийик чокусу; *аркарлар жайдын күнү гылаандан түшүп келип, түн ичинде оттойт.*

ГЫЛАМЫК *пам.* кыламык; *кар көвөйтөр гыламык, ун түгөтөр буламык* (мак.).

ГЫЛАСЫН *пам.* чамадан кайнатылган чай; *гыласың чәйди көп ичтик.*

ГЫЛВЫСЫҢ *жерг.* арык, бою кичине адам; *ол гылвасың кечкурун түшөр бекен?*

ГЫЛГЫРТ *зам.* койдун боор оорусу; *кой гылгырт болуп кәсәлдәптир.*

ГЫЛДЫР *зам.* 1. жылама, шыдыр, тегиз аккан суу; 2. *терг.* чечен адам; *ол жүдә гылдыр адам.*

ГЫЛДЫРЕК *жерг.* 1. кичине дөңгөлөк; 2. *суз.* кичине дөңгөлөктүү оюнчук; *гылдырек деп балдардын ойунчугун айтавыз.*

ГЫЛДЫРООЧ *пам.* 1. туш кийиздин бир түрү; 2. боз үйдүн сыртынан үзүктүн этек жагына тартылуучу төтөгөнүн бир түрү (Памирде боз үйгө тиешелүү; «жел боо, туурдук, боо, тегирич, тизгич, чалгыч, уук, уук боо, кереге, кереге таңуу, табак кап, кашык кап, чайнек кап, кош жабык, бокчо, жүк жабар, ашкана, чыгдан, чий, төтөгө, курчоо, чоң курчоо деген өндүү термин сөздөр бирдей мааниде учурайт. Ал эми «гылдырооч, делвир» ж.б. сөздөр түндүк говорлорго мүнөздүү эмес).

ГЫЛДЫРЧЕК *өзг.* дөңгөлөкчө; *араванын гылдырчеги сынып каптыр.*

ГЫЛЖЫЙТ *батк.* көмөлөт; *бир урушта сени гылжыйта койом.*

ГЫЛМЫЙАН *батк., миф.* кандайдыр бир көзгө көрүнө турган жан; *гылмыйандай жылып келип калыпсың.*

ГЫЛЫЧ *пам., жерг.* 1. кылыч; *кырда гылыч жарк этет, өөндө эшик шалп этет* (таб. кийиктин мүйүзү, койдун куйругу); 2. өрмөк, килем, таар сокондо колдонулуучу кылыч сымал жыгач аспап; **оозунда гылычы бар адам** ◊ *батк. сөзү өткүр адам.*

ГЫМ I *ал.* жыш, мол; *анда билим гым.*

ГЫМ II *ал.* түтөк; *ол тоwго чыгып гым болду.*

ГЫМ III *жерг.* майда жандыктын денесинин кыймылга келип турушу; *кумурскка гым-гым этип турат.*

ГЫМЧА *ал. к.* гынча.

ГЫМЫРАЙ *батк.* ичине сырын каткан киши; *гәп урваган гымырай неме.*

ГЫНДЫ *пам.* тың, чыйрак; *жиндиден гынды чыгат* (мак.).

ГЫНДЫР: **гындыры катып** *батк.* 1. обору ачылуу; 2. айласы куруу; *гындыры катып мени чыкырыптыр.*

ГЫНЖЫ *суз.* малдын мойнундагы жипке байланган жыгач (аны мал муунбасын үчүн байлашат).

ГЫНЧА *ал. к.* гумча; *жаңы ачылган кызыл гүл гынчасындай зәдипәр.*

ГЫҢ I *жерг., пам.* жерден көп бийик өспөгөн, жумуру болуп чыккан өсүмдүк (аны ачарчылыкта адамдар казып алып, отко көөмп бышырып жеп келишкен. Өңү жашыл, май айында чыгып, бир айдан кийин куурап калат, өзү жыттуу болот).

ГЫҢ II *ичк.* 1. көтөрүм, өтө арык; *бәәрчиликтә койлор гың богон экен*; 2. жашык эт; *гөшү тым эле гың экен.*

ГЫҢ III: гың-гуң *пам.* бөрүнүн үнүн тууроо; *бөрүлөр бири-бирин карап гың-гуң этип жүгүрдү.*

ГЫР: **гыр-гыр** *батк.* шамалдын дирилдеп дайыма жүрүп турушу; *шамал гыр-гыр этип гырылдаап жүрүп турат.*

ГЫРАМ *лейл.* оюндун эрежесин бузуп арам ойноо; *гырам ойун маңа жакпайт.*

ГЫРАМЧЫЛЫК *батк.* арамчылык; *гырамчылык менен утканың эсеп эмес.*

ГЫРВАКТА *өзбк.* себеле; *кар гырвактап жывып атат.*

ГЫРГЫЧ *ичк.* таштын (алыстан караганда) кыр – кыр болуп көрүнүшү; *ошол таштын гыргыч дегени болот.*

ГЫРЖЫК *лейл.* таарынчаак; *гыржык экенсиң, ич мунасага кевейсиң.*

ГЫРЖЫКТАШ *лейл.* таарыныш; *олор гыржыкташып калыптар.*

ГЫРКЫ *батк.* тамагы кирилдек адам; *гыркы Акмат келе жатат.*

ГЫРТ I *лейл., жжол., батк.* 1. чыныгы, нак; *гырт жинди;* 2. жалаң, нагыз; *гырт орус эле* (сал. өзб. гирт «бүт, жалаң»); 3. тил түшүнбөс, кыялы начар кырс; *тагамдын кичине баласы гырт тентек болуптур.*

ГЫРТ II *түшт.* кырт (тууранды сөз); *гырт–гырт этти.*

ГЫРТЕКТЕШ *лейл.* кекиртектеш, жакалаш, уруш; *гыртектешип эле жүрөт.*

ГЫТӘӘНИ *ал.* баланы эркелеткенде колдонула турган сөз; *гытәәним–гытәәним, бери кел* (сал. бур. гэтэпэн, гэдэпэн «ичеги, мөөн»).

ГЫШ I *түшт.* 1. кирпич; *таш койсоң таш аласың, гыш койсоң гыш аласың;* 2. момун (карта ойнунда); *көзүр гыш экен;* **пышык гыш** бышкан кирпич, кызыл кирпич; *ургаңы пышык гыштан.*

ГЫШ II: гыш–гыш *жерг.* пыш – пыш; *сен мынча гыш–гыш дедиң.*

ГЫШАВА *батк.* таарынып коркутуу; *көп эле гышава кыла бервечи.*

– Д –

ДАА: **даа тут** *жерг.* дит бак; *тайманбай даа тутат.*

ДААЛЫ *пам.* далы; *малдын далысына тамга басылат.*

ДААНА I *пам.* өсүмдүктүн аты; *даана ачык болот* (жергиликтүү эл бул өсүмдүктү пияз катары колдонот. Анын пияз сымал түбү болот, аны эчки гана оттойт).

ДААНА II *ичк.* 1. акыл – эстүү адам; *атты даана бала чапкан;* 2. жердин аты.

ДААНЫШ *тал.* тааныш; *даанышы жок.*

ДААРЧА *өзг. к.* дарча; *даарчаны ачып кел.*

ДААРЫ *пам., ноок.* 1. дары (жалпы эле); 2. шоро менен күкүрттүн кошулмасынан алынган ширеге көмүр кошулуп кайнатылып жасалган мылтык дарысы; **даарынын каймагы** *пам.* шоро менен күкүрттүн кошулмасынан пайда болгон шире.

ДААТ *түшт.* чочуу, өкүнүү, жардам күтүү сезимин билдирүүчү сырдык сөз; *даат, эмне дейт!*

ДААЧАН *ыск., кашк., эск.* ортосунда кичине төрт бурч тешиги бар эски тыйын.

ДАБДАЛА *зам.* колго келбей жыртылган нерсе; *көйнөгү дабдала болуп жыртылып кетиптир.*

ДАБДАР *өзг.* күч – унаа; *менин колумда он беш дабдар бар, жайытка багам.*

ДАВА I *жерг.* чурку; *жаш балдар кичик кезинде дева да болуп калат.*

ДАВА II *кашк.* түсү ар кыл келген товар (илгери бул товар Кашкар тарапта кустардык жол менен колго токулган. Андан көбүнчө аялдар жээгин кызыл менен бастырган тик жака көйнөк, бешмант кылып кийишкен).

ДАВААН *пам. к.* даван (Памирде бул сөздүн экинчи мууну дайыма «аа» менен айтылат).

ДАВАН *жерг.* 1. ашуу; 2. бел, мойнок; *давандын нары жагыдан болом.*

ДАВАНДА *лейл.* тынч албай дегдөө; *окушка барам деп эле даван.*

ДАВАПТА *чүй.* кастарла, бапесте; *кийимдин мыктысын даваптап кийет.*

ДАВДЫ *батк.* элөөрү, дүбүрө; *ат давдыса, эшек кошо давдыйт* (мак.).

ДАВДЫР *өзг., пам., жжол.* чалагайым дөөпөрөс; *онун баласы давдыр болот.*

ДАВДЫРА *ичк., түшт.* 1. алдан оо, күйүгүү; *ол давдырап отуруп калды;* 2. *пам., лейл.* бабыроо, тантыроо; *давдырап эле гэп урат.*

ДАВЕРДЕС *түшт.* 1. үрөйү суук; *бир давердес киши келе жатат;* 2. олбурлуу; *давердес бакжайган киши;* 3. *өтм.* чалагайым; *давердес келген зөөкүр.*

ДАВООН *батк. к.* даваан; *Кыргызстанда Долон деген давоон бар.*

ДАВРА *жерг.* өлгөн адам эркек болсо 12 жашын, аял болсо 9 жашын (балакат учурун) алып таштап «кутпа» окуу жөрөлгөсү;

ДАВУЛ *жерг. к.* дәрийә; *давулду как, ойунга түшөйүн.*

ДАВЫЛГЫ *суз.* табылгы; *давылгыдан келген чыгар.*

ДАВЫЛПАЗ *жжол.* добул кагуучу киши; *давылпаздар жан үрөп кагып жатат давылын.*

ДАВЫРА I *лейл.* дооран; *өлгөн кишиге давыра түшүрөт.*

ДАВЫРА II: **авыра – давыра** *атб.* опур – топур болуу; *авырап – давырап жавылып келишти.*

ДАВЫРКАЙ *ыск.* карагай, арча же куурай өсүмдүктөрүнүн чайыры; *давыркай жавышып калган окшойт.*

ДАГАВАЗ *батк.* бети жок, уятсыз; *ой дагаваз даракка чыкпа, жыгыласың.*

ДАГАВАЗДЫК *батк.* бети жоктук, уятсыздык; *дагаваздык кывай тим отур.*

ДАГАЙ *тал.* такай (эшектин баласы).

ДАГАЛ *ичк.* 1. бир нерсеге түшкөн так; *кийимим дагал болуп калды*; 2. ыр – чыр; жанжал; *көп дагал кылвачы*; 3. *ош.* кемчилик, жетишпегендик; *бир жеринен дагал көрвөйсүң*; 4. *алб.* орой, одоно; *адамга дагал – дагал сүйлөйт.*

ДАГАР I *жерг.* кодо, кидик; *дагар келе жатат, кач!*

ДАГАР II *ыск.* жүн же кендирден согулган чоң кап; *дагар кап менен бир буума ун болду* (сал. казд. уйг. тагар).

ДАГАРА *ичк., чүй, тяньш.* дагыра; *эй, катын, дагарыны алып кел.*

ДАГДА *ичк.* 1. датты май менен чыгаруу; *заң баскан казанды май менен дагда*; 2. *пам., жерг.* каары; *ол ысык печкеге колун дагдап алыптыр.*

ДАГДАГА *жерг., лейл.* 1. ээлигүү, көкүрөгүн өргө чабуу; *ону кылам, муну кылам деп дагдага кыла берет*; **дагдасы таш жарат** ◊ *дымагы таш жарат*; 2. коога, чыр, чатак.

ДАГДАЙЛАН *ыск.* дагдандап жүрүү; *дагдагайланбай чыйрак болсоң боло.*

ДАГДАЙМАТ *ыск.* дагдагайланып жүргөн адам; *дагдаймат, көкүрөк – башыңды топчулансаң боло.*

ДАГДАК *жжол., жерг.* 1. канаттуулардын төшү; *куш дагдагын ойуп койуптур*; 2. *түп.* көкүрөк; *дагдакка койгондой кетенчиктей берди.*

ДАГДЫ I *ичк.* денедеги жаранын тагы; *кызамыктын дагдысы калды.*

ДАГДЫ II *пам.* такшалгандык, көнүккөндүк; *дагды алдырсаң жакшы.*

ДАГИР *тяньш.* арык, чабал картаң ат; *дагир ат менен кайда барасың.*

ДАГЛА *өзг.* күйгүзүү; *жүрөк боорду даглады.*

ДАГРА *тяньш.* 1. *к.* дагыра (сал. таштек, чылапчын, илеген, иленгир, кир жуугуч); 2. барабан; *дагра чал.*

ДАГЫЛ *түшт.* өжөр, көк, чыргоо; *кылдыректи салыш керек дейт дагылың.*

ДАГЫН *жерг.* дагы; *дагын кел, кайра кел.*

ДАГЫРА *лейл., чүй.* чылапчын; **дагыра – нагыра** *лейл.* өзбөк – тажикче оюн – шооктордо колдонулуучу жалпы эле муыкалык аспаптар; *дагыра – нагырасы менен келиптир.*

ДАДА *кашк., батк.* ата; *дадаң барбы?*

ДАДАНА *жерг.* бабыр; *дадана кишиге окшойт.*

ДАДАНАЛЫК *жерг.* бабырлык; *даданалык кылва.*

ДАДИЛ *тторо.* түзүк, туура; *жарманын тузу дадил экен.*

ДАДУУ *түп, жерг.* даны бармактын башында келген буурчак сымал өсүмдүктүн аты (өзү жана даны); *дадуудан ашлампу жасайт, өзүн майга куурап жейт* (бул өсүмдүктү дунган эли айдайт).

ДАЗМАЛ *өзг.* 1. утюг; *дазмалды алып келчи, кийимди дазмалдайын*; 2. *тал.* тасмал.

ДАЗМАЛДА *өзг.* утюгда; *дазмалдап койгон көйнөк бар.*

ДАЗОРОМОЛ *өзг. к.* дасоромол; *бүтүн дазоромолду жууп койчу.*

ДАЙ *өзг.* 1. ордо ойнунда уткан тарап утулган тарапка коё турган жаза; **дай берди** жаза берүү (мисалы, домпойду чигесинен коюп, ага аттын кыгын салып, анан түкүрүп, түкүрүккө куурайдын алты кыска

сынығын сайып, баш кийимди желкеге коюп, сол колду артка кайрып жазалайт); 2. *өзг.* чакмак таш ойнунда оюндун фазаларын экинчи жолу кайталап чыгуусу.

ДАЙДЕК *түнд.* 1. ат чабышта берилүүчү байге; 2. *жерг.* кырман басканда эгин айдап, оруп – жыюуга катышы бар коңшу – колоң адамдар үчүн берилүүчү үлүш; *дайек сурап алды.*

ДАЙРА *жерг.* музыкалык инструменттин аты; *дайра какчы, бир ойунга түшөйүн.*

ДАЙРАҢДА *жерг.* тайраңда; *төрт чары йар төрүндө дайраңдасың.*

ДАЙРЫ *чүй.* эргүү; *көңүлүм көккө дайрыды.*

ДАЙЫЗ *лейл.* шүмшүк, митаам (сал. нәкәз).

ДАЙЫМГА *суз.* дайыма; *дайымга гөш жазайвыз.*

ДАК I *кашк.* кат тагышыч; почтальон; *катты дак алып келдиви?*

ДАК II *түшт.* 1. тунма; *суу дак болду;* 2. эт, май ж.б. нерсени күйгүзө кууруу; *гөштү дак куwрупсуң;* 3. отко кызаруу; *отко жакын экен, ол ийдиш дак болду.*

ДАК III *түшт.* 1. күйүт, аман; *арылбас дакта күйгөн;* 2. капа, кайыгы; *экөөңдөн күйдүм дак;* 3. убара, азап тартуу; *эрки жок жетим дак болгон;* 4. доо, өпкөлөө; *дак кылып келди;* 5. алдоо, сызга отургузуу; *дак кылып кетиптир;* 6. шиш көчүк болуп оору; *көп отурба, балам, дак болосуң.*

ДАКАТ *жжол.* айла; *кандай дакат кылайын.*

ДАКИ *чүй, ыск.* куу, митаам; *жеткен даки неме да.*

ДАКИЛИК *чүй, ыск.* куулук, митаамдык; *дакиликке жедеп каныккан.*

ДАКМАЗА *жерг.* такмаза; *дакмаза киши экен.*

ДАКТА *түшт.* майдын акталышы; *майды дактадым.*

ДАКТАН *жерг.* күйүү, кайгыруу, азап тартуу; *ата бир энең дактанат.*

ДАКТЫР *жумг.* тагдыр; *дактыры бирдей кишилер.*

ДАКЧА *зам.* идиш – аяк коюу үчүн жасалган текче; *дакчаны үйдүн ички бөлүгүнө жасайт.*

ДАЛ *жерг.* жазылып, жайылып ташталган чач, жоолук ж.б.; *оромолун дал койгон, оң бетиге гал койгон.*

ДАЛАА *өзг., тал., чатк.* талаа; *далаага барып мал багат.*

ДАЛАГАЙ *суз.* ата – энеге карамы жок адам; *далагай баладан не пайда?*

ДАЛААН *жерг., ыск.* үйгө кире бериштеги оозгу бөлмө (сал. таж. долон, долун); *босогону аттап далаан үйгө кирди.*

ДАЛБЫ *ыск.* канаттуу куштун балапанынын ак куп жүнү түшүп, жетиле башташы; *далбыгандан далбып, канатын күүлөдү.*

ДАЛВА *түнд.* ителги, ылаачын, шумкар ж.б. таптоодо үндөк үчүн колдонулган таан, карганын узун жипке байланып сүйрөтүлүп алынуучу канаты (сал. монг. дал «канат», ба «кеп» канаттын кеби).

ДАЛВАЛА *жерг.* 1. далдала; *далвалап турчу, көрвөсүн;* 2. *жжол.* «далва» ыргытып, кушту үндөккө чакыруу; *тетигиндейрээк барып далвала.*

ДАЛДАГАЙ *ыск.* далдайган адам; *далдагай тура, эчтекени энебейт.*

ДАЛДАЙМАТ *ыск.* далдайып жүргөн адам; *ап байкуш, далдаймат, колуңан эмне келет?*

ДАЛДАЛ *ыск.* алуучу жана сатуучунун ортосундагы далдалчылык; *кызыл кулак, далдал иштери бар экен.*

ДАЛДАЛДА *түшт.* жай каалгып басуу; *далдалда басып жүрөм.*

ДАЛДАЛЧЫ *ыск.*, *чүй.* эки адамдын ортосундагы соода – сатык ишин жүргүзүүнү кесип кылган киши; *бешинчи керденди далдалчы ичкен жок.*

ДАЛДОW *түшт.* далдоw; *далдowдо жалкоw бар.*

ДАЛДЫГЫЙ *ыск.* далдыйган нерсе; *ий, курган далдыгый, ишиңди билесеңчи.*

ДАЛДЫЙМАТ *ыск.* далдыйып жүргөн адам; *ичиң тар далдыйматсың ээ?*

ДАЛЕТ: **өң далет** *тал*; өң алат; *өң далеттен кетип жүдөптүр.*

ДАЛИС *тяньш.*, *чүй.* оозгу үй; *далисте көпкө сүйлөшүп отурдук.*

ДАЛИСТҮҮ *тяньш.* сыяктуу; *четин да тал далистүү жыгач болот.*

ДАЛК *жерг.* 1. дат; 2. чайдын чамасынан чыга турган даам; *чәйдин далкы жакшы кен.*

ДАЛКЫ *зам.*, *лейл.* өсүмдүктүн аты (жергиликтүү эл бул өсүмдүктүн башын жүрөк ооруга, ашказан ооруга эзип ичиришкен да, ал эми кызыл жүгүрүк, куян оорулары бар адамдарды бул өсүмдүк эзилген сууга киринтишкен. Далкы көк гүлдөйт да, бийик өсөт; сал. чачыраткы).

ДАЛО: **дало–дало** *суз.* кыйрап жыгылган нерсе; *эпкинине алтымыш карагай дало–дало.*

ДАЛПАҢ *батк.* далбас; *далпаң урваган киши.*

ДАЛПАРАҢ *зам.* көк таш; *owзу ойулганга далпараң койовуз.*

ДАЛПЫГЫЙ *ыск.* далпыйган адам; *ий жерге кирген далпыгый, өлсөңчү, ошондон көрө.*

ДАЛЧА *зам.* терезенин сыртынан жабыла турган эшикче; *далчани жаап кой.*

ДАМ *пам.* 1. ооруп калуу; *дам болуп калдым*; 2. *ал.* түпөйүл; *жүрөктүн башын дам кылат.*

ДАМА *түп.* дымак; *өзүнүн дамасы кыйын.*

ДАМАА *чүй.* доомат; *болуштукка дамаа кылам деп кириптер бол.*

ДАМАМ *түшт. к.* дамамат; *дамам ушул ишти баштайсың.*

ДАМАМАТ I *түшт.* тынымсыз, дайыма; *дамамат шыктандыр.*

ДАМАМАТ II *түшт.* милдет; *бул кылган ишиңди дамамат кылва.*

ДАМБАЛ *түнд.* ыштан; *Памирде «тизе кийим», түштүктө «лээзим» деп аталат.*

ДАМБАРКАНА *атб.*, *кочк.* эгин сакталуучу жай (кээ бир жерде «кампакана» деп аталат).

ДАМБЫР *ноок.* бир нерсенин ичине салып калдырата турган таш; *дамбыр–дамбыр дамбыр таш, дарвазаңдын owзун ач, биздин байлар көчүптүр, ак өргөсүн чечиптир, байдын кызы кара каш, өвөйүн десем бойум пас* (оюн ырдан).

ДАМБЫРА *жерг.* музыкалык инструменттин аты (кээде ал «домбура, тамбур» деп аталат).

ДАМБЫРАДАЙ *чүй.* челектей; *дамбыradай тору бээ.*

ДАМГЫР: **дамгырташ** *пам.* жаз алдында биринчи жолу күн күркүрөп, чагылган чартылдаганда чаканы калдырата боз үйдү айлана чуркап жаан тилөө жөрөлгөсү (бул учурда төмөнкү сөз айтылган: «Борой – борой, борой кел, towдун башын орой кел, шывак башын шыпкай кел, кереге башын керте кел. Желин айрылып сүт чык, жер айрылып от чык» деп, үйдү айланып, анан чаканы кырчоого байлап, жаан басылганча илип койгон).

ДАМБЫРАТ *ноок.* идишке таш салып калдыратуу; *мунча дамбыratып кулактын кужурун аласың.*

ДАМКАНА *батк.* өрүктү күкүрт

менен демдеп дарылай турган атайын жасалган жай.

ДАМПАГАЙ *ыск.* далдайган оор басырык мүнөздөгү жан; *илгерки дампагай, оор басырык мүнөзү жок.*

ДАМЫК *пам., батк.* түтөк; *шу жер дамык да, адам тез арыйт.*

ДАМЫКТЫК *батк.* өсүмдүктүн аты.

ДАМЫЛДА *түшт.* дамбылда; «*дамылдамын*» *деп жүрүп, элдин ичин булгадың.*

ДАМЭЭ *ыск., тыньш.* дем, демилге; *сенин дамээң канча күнгө жетет?*

ДАН I *түшт.* ширенкенин ар бөлөк башы, талы; *күкүртүңдө бир тал да даны калваптыр.*

ДАН II *ыск.* 1. нан; *дандан ооз тий;* 2. эгин; *дан айдалат да;* **дан багар** *жжол.* эгин айдап, багып өстүргөн киши; *дан багарлар жолдун жээгинде жүрөт;* **дан көрдү** *пам.* токтобой жүрүп токтогон бала болсо, казанга ортосу чоң тегерек тешик нан жасап, ошол тешиктен баланы өткөрүү жөрөлгөсү; **дан төк десе жин төккөн** ◊ *атб. бээ десе төө деген;* **дан чачуw** *батк.* келин жаңы келгенде урук – тукумдуу болсун деген ниет менен төшөктүн кабатына жүгөрү, буудай чачып коюу ырымы.

ДАН III *батк.* тегирмендин дан чубуруп түшө турган жери; **дандын кулагы** дандын чубуруп түшүшүн иретке келтирип туруучу детал; *дандын кулагын азайтып кой, ун ирик болуп кетти.*

ДАНДА *ыск.* исиркеп иргеп, тандап калуу; *ар кайсыга дандап калыптыр, эми болвойт.*

ДАНДААЛА *түп.* кийимдин, чүпүрөктүн самсаалап жыртылышы; *эски – уску кийим – кечек дандаалаптыр.*

ДАНДАВАС *ыск.* тоотпоо, кебелбес; *ал дандавас, аны кой, угат беле.*

ДАНДАКУ *ыск., сейр. к.* даңдаңкүү.

ДАНДЕК *к.* андек.

ДАНДУУ *ыск.* наны көп, токочу көп; *дандуу болгондон кийин күкүмгө карабайт тура.*

ДАНДЫР *түшт., ыск.* тандыр; *жегениң дандыр нандыр, дандыр нан жавылгандыр* (жаң.).

ДАНЕК: **ачуу данек** *суз.* өрүктүн бир түрү (өңү сары, данеги ачуу өрүк); *ачуу данек деген өрүк шо;* **допу данек** *батк.* топуга данек салып утушуп ойногон оюн (балдар ойнойт); **кош данек** *лейл.* 1. өрүктүн бир түрү; 2. оюндун аты; **эгиз данек** *батк.* кош данекти эки киши шерттешип жешет, анан унуткарып барып бир күнү бирөө экинчисинен озунуп, шертин атап сурап утушкан оюндун аты (кээде ал «кош данек» деп да аталат); *эгиз данек деген ойун бар.*

ДАНИСТЕ *түшт.* сөздүн ток эткен так жери; *сөздүн данистесин айтпайвы.*

ДАНИСТЕЛЕ *чүй.* бир иштин ак – көгүн ажыратуу; *данистелегенге али кеч эмес чыгар.*

ДАНКАНА *түшт.* амбар; *данканадагы каптарды тазала.*

ДАНКОР *зам.* данды көп жыюучу киши; *Каршыбай данкор болуптур.*

ДАННА *кашк.* учук, жип; *ийнеге данна керек.*

ДАНЫК: **аныk – даныk** *чүй.* жүйө, чындык, аныктык; *сөзүнүн аныk – даныгын билдик.*

ДАҢ I *жерг.* 1. күү, даңаза; *ат келет да даң келет, боз карчыга баш келет* (сал. каз. дан); 2. ат, атак; *жалгыз аттын даңы чыкпайт* (мак.); **даң кой** *өзг.* суктан; *караган адам даң койот.*

ДАҢ II *суз.* дагы; *даң эмне дейсиз?*

ДАҢАЛ *жжол.* жыш, мол; *балык даңал түшөт.*

ДАҢГА *чүй.* даңкан; *атты чаап баратканда даңга тийип бети айрылган.*

ДАҢГАЗА *батк.* даңаза; *даңгаза кыласың.*

ДАҢГАЗАЙЫ *к.* аңгазайы.

ДАҢГЕК *к.* аңгек.

ДАҢГЕМЕ *батк.* аябай жеткире айтылган сөз; *даңгеме кылып айттым.*

ДАҢГЫЛ I *түнд.* такыр, тасырайган жер; *чалма даңгылга тийди.*

ДАҢГЫЛ II *жжол.* эч нерсе менен иши эле өзүнчө жүргөн адам; *кайран, даңгыл кишиге айла жок.*

ДАҢГЫЛ III *ыск.* бышык, чыйрак; *атка даңгыл ыктуу.*

ДАҢГЫЛУW *жерг.* даңктуу; *даңгылуw эрлер урушса, дарвазалуу коргон бар.*

ДАҢГЫТ *түнд.* 1. чоң иттин бир түрү; 2. *терг.* карышкыр.

ДАҢДАҢКҮҮ *атб.* тиш чукуп тазалоо үчүн сөөк, же арчадан жасалган тиш чукуур.

ДАҢДЫЛУW *жерг.* даңазалуу.

ДАҢЗА I *пам.* атак, даңк, даңаза; *даңзасы далайга кетти.*

ДАҢЗА II *ыск.* кытай – калмак элдеринин санжыра, заңдарын баян эткен улама сөз же китеп; *кытай даңзасын азыр ким билет болду экен?*

ДАҢЗАЧЫ *ыск.* кытай – калмак «даңзасын» жакшы сүрүштүргөн адам; *илгери – илгери даңзачылар болчу экен.*

ДАҢКАГАЙ *ыск.* даңкайган адам; *даңкайган кайран эргул жетип келипсиң да.*

ДАҢКАЙ I *пам.* 1. туш тарабы ээн ачык талаа; *даңкай жер экен*; 2. жердин аты.

ДАҢКАЙ II *түнд.* чоң болуп дардайып бой керүү, бой көтөрүү; *ой, өлүгүндү көрөйүн, деле даңкайып кишисиңби деп койвойт* (сал. монг. танхай, каз. диал. таңка «бой көтөрүү»).

ДАҢКАЙМАТ *ыск., чүй.* даңкайган адам; *ий даңкаймат экен, теле күйөөсүнө жарашпайт.*

ДАҢКАН *кашк.* 1. үч буттуу чоюнке казан; 2. *түнд.* аттын туягына уюп калган муз, топурак.

ДАҢКАНА *түшт.* жер семиртүү үчүн кык жыйыла турган аң.

ДАҢКЕЗЕ *түшт. к.* дәңгәсә.

ДАҢКЕЗЕЛИК *түшт. к.* дәңгәсәлик; *даңкезелик кылып жумуш менен иши жок.*

ДАҢКЫЙМАТ *ыск.* даңкыйган адам; *даңкыймат айал экен.*

ДАҢСА I *кочк.* казан кыргыч.

ДАҢСА II *чүй.* бөлүк – бөлүк жер; *жас башынан эле даңсасын айдайт.*

ДАҢСЫЗ *жерг.* қадыр – баркы жок.

ДАҢШАРЛУУ *чүй.* уу – дуулуу; *даңшарлуу сөз кошо пайда болду.*

ДАҢЫРГАН *батк.* колго үйрөтүлгөн куш; *илгерки адамдар даңырган салышкан.*

ДАП I *кашк., жерг.* илгери шамандар колдонгон шалдыр – шулдуру бар таяк (сал. таж. даф).

ДАП II *лейл., к.* дэп; *сандыгыга дап берди.*

ДАП III *батк.* каршы сөз; *дап айтпасаң жалаага owдарат бир күн белиңди.*

ДАПКЫРТ *батк.* дабырт, дүбүрт.

ДАПКЫРТТА *батк.* дабыртта, дүбүрттө; *дапкырттап имне кылып жатат?*

ДАПСА *кашк., тяньш.* дарваза; *короомун оозуна дапса жасадым.*

ДАПТЫР *түшт.* макоо, тантык; *даптырга мооку кана күлүштү.*

ДАПШЫ *батк.* дарбы; *ат дапшыса эшек кошо дапшыйт* (мак.).

ДАПЫР *батк.* тапыр – тупур эткен дабыш; *бир дапыр угулуп калды.*

ДАР *түшт.* 1. шыпка асылып коюлган идиш койгуч; 2. турник; 3.

жип, сым үстүндө ойноло турган цирктик оюн; *Парганадан дар келиптир*; 4. кийим – кечек илип турган узун как жыгач; 5. ат такалай турган жерге атайын орнотулган төрт казыктуу узун мамы; **дардан качкан** ◊ жалкоо.

ДАРА I *жерг., лейл., зам.* 1. кан увазир ойнунда кишини уруу үчүн өрүлгөн жоолук; 2. булгаарыга кум салып тигилген камчы; *беш дара ур дейт эде* (илгери динден чыгып ээнбаштык кылган адамдарды жазалоо үчүн колдонулган; сал таж. дарра).

ДАРА II *батк.* бөлөк, айрым; *дара жолго чыгып кетти.*

ДАРАДА *зам.* бөлөк элде, бөлөк жерде.

ДАРАЖА I *ош.* жибек куртун баккан жердин (үйдүн ичка) температурасы.

ДАРАЖА II *батк.* мылтыктын прицели; *даража узак–жакындыгыны көрсөтөт.*

ДАРАЗА *сок.* тараза.

ДАРАЙЫ *түшт.* 1. кездеменин бир түрү; 2. ушул кездемеден жасалган көйнөк, жоолук.

ДАРАК *ичк.* бак; *Сары–Булакта дарак көп;* **әвли дарак** *өзг.* огородду курчай тигилген тал – терек; *әвли дарак, чөмүч, патунус дейвиз;* **орус дарак** *жерг., түшт.* өсүмдүктүн аты; *орус дарак түз өсөт, шактары аз.*

ДАРАКТУW *ичк.* бак – шактуу; *дарактуw жер экен.*

ДАРАЛЫК *зам.* капчыгайлык; *әсили менен тәг жәйим Жети–Кечүw даралык.*

ДАРАҢ: **дараң–дараң** *батк.* калдыр – кулдур; *балам, дараң–дараң кылвачы.*

ДАРАТ *түшт.* жылга, өндүр, кокту; **кайырмалуw дарат** имерилиш жолу бар жылга, кокту; *кайырмалуw дараттан кайрылып барып суw алдың.*

ДАРАТУТ *түшт.* аракет кылуу, кам көрүү.

ДАРАЧОЛОЙУ *батк.* ават уруусунун бир тарамы.

ДАРАЧЫ *батк.* тоонун арасында жашаган адам; *дарачылар базарга кетип баратышат.*

ДАРАВАЗ *жерг.* 1. акробат; 2. жердин аты.

ДАРВАЗА *түнд.* 1. короого салынган чоң, бийик эшик; 2. *пам., жерг.* үйдүн каалгасы; 3. *батк.* чакмак таш ойнунда колдун эки салаасын жерге тик сайып, бирден таштыжогору ыргытып, жердеги таштарды салаадан өткөрүү фазасы; *дарвазадан өтсөм бир мөөрөй;* **кәрвән дарваза** *баткч.* чоң коргондун оозуна салынган, кең, жыйык дарбаза; *илгери биздин коргондо кәрвән дарваза болгон.*

ДАРВАЛА *чүй.* торболо; *алыстан арвалаганча, жакындан дарвала* (мак.).

ДАРВЕШ: **аввал хеш, онон дарвеш** ◊ *жерг.* оболу өзүндүн урук – тууганына жакшылык кыл, анан башкага жакшылык кыл.

ДАРВОЗЧУ *жерг.* дарда ойногон киши; *сен дарвозчу бала көрдүңбү?*

ДАРВЫ *кашк.* ат; *дәңгидә көп дарвы жүрөт.*

ДАРВЫЗ: ак дарвыз *ош.* дарбыздын «антоновка» аттуу сорту; *ак дарвыздан бериң;* **ала дарвыз** *батк.* көп чоң эмес, кабыгы жука, жерди тандабаган, ургу агыш түстөгү дарвыз; *ала дарвыз алып келдим;* **кара дарваз** *батк.* кабыгы калың, сырты кара, ургу кызыл, чоң – чоң, түшүмдү көп берүүчү дарвыз; *кара дарвыз эккендер акчанын астында калышты;* **козу дарвыз** *түшт.* дарвыздын бир түрү; **козувай дарвыз** *суз., чүй.* малга тоют катары бериле турган

дарвыздын бир түрү; **көк почок дарвыз** *батк.* кабыгы көк тарам келген дарвыздын бир түрү; **кум дарвыз** *түшт.* ичи кум сыяктуу кычырган дарвыздын түрү; **күзгү дарвыз** *батк.* кеч күздө бышчуу, майда кумдуураак жерге эгилүүчү дарвыз; *күзгү дарвыздын көбү бышпай калды;* **мусулман дарвыз** *суз.* уругунда майда чиймелүү издери бар кара дарвыздын бир түрү; *мусулман дарвыз алып келчи;* **чәвкәр, чөwкәр дарвыз** *батк.* карамтыл түстөгү көп чоң эмес, уругу аз, түшүмдү көп берүүчү сорт; *быйыл чөwкәр дарвыздын уругунан алып койгула;* **чилги дарвыз** *суз.* дарвыздын бир түрү (уруктуу, анча чоң эмес, даамдуу эрте бышуучу дарвыз).

ДАРГА *суз.* уруунун аты.

ДАРГАЗАН *лейл.* капа; *Гүлсәнә даргазан болот.*

ДАРГАТ *түшт., чүй.* суу тосмосу; *даргаттан суу жыгып келейинби, жезде?*

ДАРГАЧЫ *түнд.* дарга ойногон киши.

ДАРГЕЙ *батк. ичк.* пейил; *даргейи кең киши.*

ДАРГӨЙ I *түшт.* кудурет; *даргөйү улук.*

ДАРГӨЙ II *тал.* эс – ой; *даргөйүмөн биротала чыгып калды.*

ДАРДАЙ *жерг.* дардагай; килейип чоңойгон, чымыр болуп өсүп жетилген; *о, дардай болуп калыптыр.*

ДАРДАЙМАТ *ыск., чүй.* дардайып жүргөн адам; *дардаймат ай, таппай калдыңбы?*

ДАРДАКЕ *ыск.* арамдык, кытмырлыгы жок эле дардандап жүрө берген адам; *ичине эчтеке токтобогон дардаке да.*

ДАРДАНАЙ *атб. к.* дардаймат; *арданбай кызга дарданай күйөө.*

ДАРДАҢДАК *ыск.* дардандап жүрө берме адам; *аа, дардаңдак кургурум, аа, эмне кылып жүрөсүң?*

ДАРДАР *өзг.* токту сурамай ойнунда утулуп калган жактын оюн башчысы; *утулганда онун башын дардар деп тырмайт.*

ДАРДЕС *тяньш., чүй.* 1. дардаке; 2. намысыз адам; *бу дардести кара.*

ДАРЕМЕТ *кочк.* ал – күч, кубат, шай; *антчү даремети жок.*

ДАРЗАН *батк.* түрсүлдөгөндүк; *жүрөгүм дарзан урат.*

ДАРКАН *түнд.* 1. чыгаан уста; *кыйын устаны ал кезде даркан деген;* 2. жердин аты (Ысык – Көлдө); *айлыбыз – Даркан;* 3. *жерг.* эркин, бош; *элиңди даркан кылам дейт эдең;* 4. *жерг.* аялдын аты; 5. кекирейген, менменсинген, көтөрүлгөн адам; *о, ол хазыр тым эле дархан болуп алган;* 6. *чүй.* берешен, март; **жер дарканы** *ош.* жер соорусу; *жер дарканы – Араван.*

ДАРКЕР *суз.* зарыл керектүү нерсе; *окуу деген деркер болду.*

ДАРМАШ *ал.* эси жок, келесоо; *ой, Орозбай, дармашым.*

ДАРМЕК: **далил–дармек** *чүй.* далил; *далил – дармек келтир.*

ДАРПАРАН *батк. к.* далпараң.

ДАРРА *батк.* кайыштан өрүлгөн жоон өрүм.

ДАРТ *жерг.* сырдык сөз (оозунду жап, сүйлөбө деп тыюу салганда колдонулат).

ДАРТАМАК *зам.* ачкорок, соргок; *ээ, бәләә, дартамак.*

ДАРЧА *өзг., лейл., жжол.* 1. форточка; *дарчаны ачып кой, балам;* 2. *лейл.* ачылып – жабылма эшиктүү, айнек салынбаган терезе; 3. *батк.* коргондун сыртына чыга турган кичинекей эшикче; 4. *өзг.* текче; *апам дарчанын үстүндө.*

ДАРЧЫ *жерг.* дарга ойногон адис оюнчу.

ДАРШАН I *лейл.* жарыя, ачык;

әммәгә даршан боп кетти; атб. кездеменин бир түрү.

ДАРШЫ *пам.* 1. ооруунун, жаранын күчүркөп кетиши; *аттын бутундагы жарасы даршыды.*

ДАРЫ: **ак дары** *жумг.* жыланды кургатып жасалган дары; *ак дарыдан айагына чейин ичем;* **кара дары** (дәри) *лейл.* 1. өсүмдүктүн аты; *кара дары–жарага, чыйканга йәм дары* (сал. кәмпир чапан); 2. ушул өсүмдүктөн жасалган дары; *кара дәрини шишикке койсо, өзөгүнү тартып алат;* 3. мумуя; **катырма кара дары** *түшт.* дарынын бир түрү; **кебек дары** *түнд.* мылтык дарысынын бир түрү; **конор дары** *кочк.* эм болуучу дары; *конор дарынын дайны жок;* **сары дары** *тал.* **мумуя кычык дары** *чүй.* дарынын бир түрү.

ДАРЫЖОW *пам.* өтөккө чыккан шоронун күлү менен жыгачтын көмүрүн кошуп аябай кайнатып, анан анын каймагын ийлеп жасаган ок дары; *дарыжоw деген дары болот.*

ДАРЫЙКА *түшт.* Дарыйка аттуу элдик ырга карата чыгарылган күүнүн аты.

ДАРЫК *тал.* тарых; *анын дарыгын айтып берчи.*

ДАРЫХ *жерг.* чочуп кеткенде айтыла турган сырдык сөз.

ДАС I *тал.* эң алгач, абал мурун; *дас авал кимдер Таласта жашады экен?*

ДАС II *зам.* 1. кичине кол калбыр; *дас менен калбырлады;* 2. *пам., жжол.* кулактуу жыгач табак; *дас тавак бар.*

ДАСЕРИ *зам.* эки эли; *дасеридей болгон нерсе экен.*

ДАСОРМОЛ *батк., жерг., пам., өзг.* жүзаарчы (чети саймаланган чоң жүз аарчы). Кээ бир учурда «дасторкон, дасмал, дасоромол чачыкты» бири – бири менен чаташтырып түшүндүргөндөр да бар. Бирок алардын арасында айырмалар жолугат. Дасторкон менен дасмал тамак коюу, дасоромол менен чачык кол – бет аарчуу үчүн колдонулат. Чачык тор түйүлүп жасалат); *дасоромолдун гүлдөрү көркөм эде* (сал. таж. даст «кол» + оромол).

ДАСТАВАЛГЫ *жерг.* тун; *баланын дастаvалгысы саз болот.*

ДАСТАРБАШ *түшт.* өсүмдүктүн аты.

ДАСТОРКОН *пам.* кечирим; *жан вәзир ойнунда уwруга бир–эки жолу дасторкон берилет;* **дасторкон кылып аласыңбы?** ◊ *карс.* кайра – кайра кайталып элге жарыялап айта бересиңби?; **сайма дасторкон** *түнд.* саймалуу кооз дасторкон; *кыз бергенде жүрөгүм зырылдайт эми сайма дасторкон тапсам болду;* **эне дасторкон** *өзг.* кыз бергенде эне тарабынан берилүүчү белек – бечкек; **дасторкон кайтты** *батк.* жуучулар кайтып келгенде кыз тарап берген «төр мевә» менен элди сыйлап, кайра өздөрү дасторкон жасап кайтарып берүү жөрөлгөсү; *дасторкон кайтты деп кайта уwул жакка досторкон берет.*

ДАСТОРКОНДУW *батк.* сыйкор, меймандос (Баткендеги «чайырчылар» бир учурда «дасторкондуw калк» деп аталаган, анткени бир адам мейман болсо да он эки мүчө толук тартылган экен).

ДАСТУР *пам., жерг.* элпек; *дастур болуп турат.*

ДАСЧӨЙ *зам.* даарат үчүн колдонула турган идиштин аты.

ДАТБАЙРАК *тяньш.* 1. сырдык сөз (өкүнүп кейүү маанисин билдирет); 2. өпкөлөө, нааразы болуу; *датбайрак деп отуруп калдым.*

ДАТБАЙРАТ *түшт. к.* датбайрак.

ДАТКА *түшт.* Кокон, Бухара хандыгынын мезгилинде түштүк

Кыргызстанда орун алган бийликтин титулу; *датканын тукумдары тайынган* (бир датканын бийлигинде төрт – беш миң башы же суу «волость» болгон); **ак датка** *түшт.* ак жүздүү сулуу аялга колдонулуучу эпитет; *ак датка, сиз деп боздогом;* **датка, Чүкөн, келсекей** *пам.* илгери бир заманда хандын Чүкөн деген кызына өзүнүн койчусу ашык болгондугун баядаган күүнүн аты.

ДАТПӘРИЙӘТ *пам. к.* датбайрат.

ДАТПӘРИЙӘТТӘ *пам.* кокуйла; *көп датпәрийәттәвә, эми ону таппайсың.*

ДАТТА *жерг.* ушактоо; *эшикте уккан гәвиңди үйгө кирип даттава* (мак.).

ДАТХАЙЫМ *жерг.* датка; *сәйип жамал датхайым.*

ДАХЫЛ *жерг.* бир нерсеге урунгандан пайда болгон дененин көгү, кесиги, урунуп былчыйышы; *кәртишкә дахыл жеп калиптыр.*

ДАФАТ *зам.* кокус; *ага мен дафаттан жолуктум.*

ДӘ *лейл.* эң; *дә жакшы жерге көчүп келиптир.*

ДӘӘ: кәттә дәә *батк.* жибек куртунун «кичик дәә» уйкусунан кийин он күн тыт жалбырагын жеп, андан кийин төртүнчү жолу укташы; **кичик дәә** *батк.* жибек куртунун «маш уйкудан» кийин жети күн тыт жалбырагын жеп, андан кийин үч күн удаа (үчүнчү жолку) укташы.

ДӘӘКИ *өзг.* жүрөк үшүгөндүк; *дәәки жеп калган экен.*

ДӘӘНӘ I *лейл., суз., батк.* арыктын суу бура турган башы; *дәәнәни бекем тосуп кел.*

ДӘӘНӘ II *пам.* өсүмдүктүн аты (бул өсүмдүктү эчкиден башка мал жебейт. Түбү пияздай ак, ачуу жыты сасык болот. Ошон үчүн кээде аны «сасык дәәнә» деп да коюшат); *дәәнә куму бар жерде өсөт;* **дәәнә жеген эчкидей** ◊ оозу сасык.

ДӘӘНӘ III: **ак дәәнә** *зам.* 1. шурунун бир түрү; 2. *өтм.* сулууча келген ак жүздүү сүйгөн келин – кыз; 3. аялдын аты (ичкиликтердин оозеки ырларында «ак» деген сөз менен келген эпитеттер өтө жыш учурайт. Мисалы: ак билек, ак ыргал, ак динәр, ак дәәнә, ак бет, ак ыргай, ак тоw, ак үй, ак тәнгә, ак чатыр ж.б.).

ДӘӘНӘЧИ *пам.* таана өсүмдүгүн көп жей турган эчки.

ДӘӘРИ *батк., пам.* дары; *илгери мениki эде, эми сениki болду, кичине берчи, дәәри болду.*

ДӘӘТ: **әә, дәәт!** *пам.* жерге кир, кудай алгыр!; *әә, дәәт, сүйлөвөй, ойной бер!*

ДӘВЗИРӘ *батк.* шалынын бир түрү (чоң – чоң ак болот да, тез бышат. Бул сорт эң жогору бааланат).

ДӘВИ: дәви – дәсмәйә *лейл.* көр – жер, майда – чүйдө; *дәви – дәсмәйәси бир атка жүк.*

ДӘВИР *жерг.* доор; *атаңдын дәвридә.*

ДӘВЛӘТ *жерг.* 1. дөөлөт; *ол дәвләт курган болчу;* 2. *зам.* мамлекет; *биздин дәвләт күчтүw.*

ДӘВЛӘТТҮW *жерг.* дөөлөттүү; *ол дәвләттүw адам.*

ДӘВЛЕЗ *ичк.* түндүктүн тушунан казылган кичинекей ой, чуңкур (жаан жааганда тамчы агып түшүү же кол үчүн үйдүн ичинен түндүккө тушташ казылат, үстү тактай менен жабылып, анын ар кайсы жери оюлуп коюлат); *колуңду дәвлезге жуw.*

ДӘГӘР *зам.* 1. борук (кой жашын ажыратуу көп жерлерде бирдей. Козу, кой, кочкор, токту деген сөздөр бир мааниде жолугат. Жерге – Талда борук деген сөз өз маанисинен башка да токту деген мааниде да айтылат. Ысык – Көл, Чүй ж.б. жерлердеги үч

тиш деген терминдин ордуна Заминде жусак деген сөз колдонулат. Жусак деген сөз Жерге – Талда «токту» боло элегинде тууган козуга, Тянь – Шанда бир жаштагы аркардын козусуна карата айтылат. Ысык – Көл, Чүй ж.б. жерлердеги «төрт тиши» деген термин Замин, Жерге – Талда чары, соолук деген термин «пэнж, пэнжи» деген сөз менен аталат); 2. кодо, кодогой; *Эргеш дәгәр келатат.*

ДӘГӘРЧӘ *зам.* кичине, чабал.

ДӘДӘНӘ *жерг.* 1. өзүмчүл; 2. тантык.

ДӘДИЛ *түшт., ичк.* 1. күүлүү – күчтүү, жандуу; *тәйнем дәдилле басып жүрөт;* **дәәнә–дәдил** акыл эстүү; *дәнә–дәдил бала;* 2. тың, чакан; *балам дәдил болуп калды;* 3. *суз.* эттүү, семиз; *дәдил козу.*

ДӘЗГИР *өзг.* өтүк ултарганда колдонула турган кергич кайыш.

ДӘЙВИЗ *ноок.* куйту адам.

ДӘЙГӨЙ *батк.* ой – максат; *дәвләттин дәйгөйү кең.*

ДӘЙДИ *жерг., лейл., ноок.* дейди; *ол бир желгин дәйди да.*

ДӘЙДИЛӘН *лейл.* дейдилден; *дәйдиләнип жүрөт.*

ДӘЙИС *түшт.* 1. ант ургур, шерменде, каргыш тийгир, митаам; 2. *өтм.* арам, чирик, келесоо (тамашалап же эркелетип айтканда); *эй, дәйис, кечке эмне кылып жүрөсүң?*

ДӘЙРӘ I *жерг., суз.* дарыя; *жылдыздай суw дәйрә болуп кетиптир.*

ДӘЙРӘ II *жерг. к.* дарый.

ДӘЙРӘ III: дәйрә тәштәмәй *суз.* жоолук салмай ойну; *дәйрә тәштәмәй ойун азыр аз ойнолот.*

ДӘЙҮЗ *батк. к.* дәйис.

ДӘКӘ *ичк.* даки; *дәкә оромол гүл кеште башыңызга жәрәшти;* **дәкә шәл** жука гүлдүү кызыл жоолук (пахтанын тазасынан жасалат); *мана авам дәкә шәл жоwлук алып келди* (сал. каз. дәке).

ДӘКӘМӘЛ *жерг.* бир байлам жоолук; *башындагы дәкәмәлини алып булгады.*

ДӘКӘПӘРӘН *зам.* жука кызыл гүлдүү жоолук.

ДӘКӘН *суз.* чоң короздун бир түрү.

ДӘКИ I *өзг., батк.* 1. келтек, таяк, муштум жегендик; *дәки жептир көзү–башы көк ала;* 2. тил угуу, запкы көрүү; *бирөwдөн дәки жеве.*

ДӘКИ II *батк.* ошондой болсо; *андай болсо* (байламта).

ДӘКЧӘ *түшт., жерг., зам.* 1. текче; 2. үй буюмдарын, идиш – аяк ж.б. жыйып коюучу оюк; *дәкчәдәги идиштерди аарчы;* 3. катар – катар келген майда оюкча; *кичине гана дәкчә, ичи толо мыкча* (таб. анар); **дәкчәмә–дәкчә** *зам.* кыркалата катар – катар жасалган текче; *дәкчәмә–дәкчә, Назаркул бачча* (таб. чыккан); **айнек дәкчә** *батк.* кооздук үчүн текченин алдына күзгү салынып жасалган оюк (идиш – аяк коюлат); *үйгө айнек дәкчә жасаптыр;* **такта дәкчә** *батк.* үйдүн ички бооруна тактайдан жасалып коюлган текче; *такта дәкчәдәги кәсәләрди алдым.*

ДӘЛ I *лейл.* эскиче (күн эсеби боюнча) он биринчи айдын аты.

ДӘЛ II *лейл.* чүкө ойнунда саканын кенге жакын тоголонуп келип калышы; *ким ордого жакын босо дәл болдум дейт.*

ДӘЛ III *батк.* чүчү кулак кылуу, кара көтөн кармоо; *дәл болот.*

ДӘЛДӘШҮW *батк.* чүчү кулак кылышуу; кара көтөн кармашуу; *дәлдәшүw кылат.*

ДӘЛӘН *пам.* айван, коридор.

ДӘЛӘШӘМ *өзг.* чүкө ойнунда эки саканын бирдей аралыкта туруп калышы.

ДӘЛВӘ *лейл.* эскиче ай аты (болжол менен февраль айына туура келет).

ДӘЛДӘЛ *батк.* далдал; *эрге назары тийвеген эшек базарыга дәлдәл бовойт* (мак.).

ДӘЛДӘҢ *пам.* өзүнчө бөлүнүп жеке айырмаланган нерсе; *бир аркар дәлдәң турганда атсам, типтик келип түштү.*

ДӘЛДИР *кашк.* бош, мажүрөө; *дәлдирди тутуп келгиле.*

ДӘЛИ *батк.* жыйган отун, куурай ж.б. бир аз бөлүп, аны байгеге сайып, теше же орок менен бир нерсени (куурай, дүмүр, тезек ж.б.) ыргыта коюп ойноо; *дәли ойнowдон мурда отун бөлүп чыгарышат.*

ДӘЛИЙЧӘ *жерг.* аялдар кие турган кийимдин аты.

ДӘЛИМ *чатк.* кайрак эгин, жер; *бuwдай дәлимге эгилген.*

ДӘЛИМИ *жерг.* кексе; *сен дәлим богон адамсың, көп сүйлөп, көп урушасың.*

ДӘЛИЧӘ I *пам.* кичине кол жоолук; *дәличә тиктиң гештелеп.*

ДӘЛИЧӘ II *лейл.* терезенин сырткы капкагы; *терезенин капкагыны дәличә дейвиз.*

ДӘЛИМКӘР *батк.* кайрак жерге эгин айдап, түшүм алуучу киши; *кургакчылык болгондо дәлимкәр дандан кур калат.*

ДӘЛОРДО *пам.* чапандын аркасы.

ДӘМ I *түшт.* 1. дем; дәми түштү; алсырады, чарчады, чаалыкты; 2. *пам.* ооруксунуу; *бүгүн дәм болуп турам;* **дәминә аш пышат** ◊ *батк.* мыктысынасың, кыйынсынасың деген маанидеги сөз; **дәми ичиге түшүп кетиптир** ◊ *батк.* оңтойсуз абалда болуп, унчукпай калуу.

ДӘМ II *түшт.* 1. үп; түштө айавай дәм болду; 2. үйдүн ичи ысып быкшып кетиши; *эшикти ачып кой, үй дәм болуп кетиптир;* 3. арыктын ичин кум, топурак чайкап калышы; *арык дәм болуп, суу чыкпай калыптыр.*

ДӘМ III *түшт., пам.* улам – улам, кайра – кайра; *сен дәм – дәм эле келе вересиң;* **бир дәмдә** *өзг.* бир заматта; *бир дәмдә алып келе койду.*

ДӘМ IV *батк.* панелден жасалган чоң, кең яшик; *базардан бир дәм сатып келдим;* **өрүк дәм** *батк.* өрүктүн мөмөсүн сактоо үчүн жасалган яшик сымал идиш.

ДӘМ V *батк.* көөрүк; *дәм басып бер.*

ДӘМӘРДӘ *жерг.* койчу, чабан; *дәмәрдәләр Towчакка койлорун айдап келди* (бул сөз карлук говорунда да бар).

ДӘМӘШКИ *өзг.* кылычтын бир түрү; *кара болот дәмәшки кылыч.*

ДӘМБӘ *өзг., батк., суз. к.* дембе.

ДӘМБӘДӘМ *түшт., жерг.* дембедем, үстөккө – босток; *бир өйткәндән кийин дәмбәдәм кайрыштын кереге не?*

ДӘМБӘЛӘ *өзг., батк.* тирөөч коюу; *эшиктин ичинен дәмбәлән алып отур.*

ДӘМДӘ *өзг., батк., лейл.* демде; *чайды дәмдәп койдум;* **дәмдәлгән өрүк** *батк.* бууланып кургатылган өрүк (мындай өрүктүн өңү саргыч тартып, кычкыл болот да, курт жебейт); **өрүк дәмдә** *батк.* өрүктүн мөмөсүн курт жебес үчүн буулап дымдоо.

ДӘМДӘМӘ *батк.* өңү таза, курт – кумурскасы жок болсун үчүн бууланып кургатылган өрүк; *дәмдәмә өрүктү көрдүңбү?*

ДӘМДӨW *батк.* өрүк быша электе кагып, яшиктерге салып, аларды биринин үстүнө бирин коюп, жерди бир аз чуңкур казып, ал жерге кесеге салынган алтын «гүргүт» дарысын

түтөтүп, мөмөлөрдү ыштоо жолу (мөмөлөрдү ыштаганда яшиктердин тегерегин топурак менен ныктап салат да, кийин кырманга кургатып алышат).

ДӘМЕТ *пам.* алга жылдыр, илгерилет.

ДӘМКӘШ *жерг.* 1. демчил; 2. *өтм.* көзү бирөөгө бат тийген киши; *Асан әкә дәмкәш.*

ДӘМЧИ *пам.* эмчи – домчу; *ол кәмпир дәмчи экен.*

ДӘНӘ: ак дәнә *батк.* 1. мончоктун бир түрү; *кара нәзик, ак дәнә сатып алды*; 2. *батк.* анардын бир сорту (кээде ал «наманган анар» деп аталат, өзү чоң, айрым учурда бирөөнүн салмагы 0,700гр. чейин барат); *ак дәнә аласыңбы, ат йагы аласыңбы?* (бул анардын кабыгы кара, данеги кызыл, даамы ачуу келет. Жергиликтүү эл аны дары катары колдонушат); 3. өңү көгүш, жылмакай, ачуу данек өрүктүн бир түрү.

ДӘНӘК *суз.* данек; *дәнәги таттуу өрүк;* **жәрмә дәнәк** *өзг., батк.* 1. *өрүктүн сөөгүнөн чыккан кош данек*; 2. оюндун бир түрү (эки киши кош данекти бир – бирден бөлүп жейт да, бир нерсени ортого мелдешке коёт. Белгилүү бир күндөн кийин экөөнүн бирөө озунуп «ассалом алейкум жәрмә дәнәк» деп мурун салам айтса, мөөрөй ошонуку болот); *жәрмә дәнәк деген мелдеш йәм бар;* **дәнәк кичине болсо йәм чагып, магызын көр** ◊ *жерг.* ишти майда – чүйдө дебей маңызын байка, бил.

ДӘНӘКӘР *пам.* 1. бышык, чыйрак; *онун ywлу дәнәкәр өстү*; 2. жакшы – жаман, өйдө – төмөн, улуу – кичүү иштерди жөнгө салып кыябын тапкан киши; *урушсаңар – чабышсаңар Асанга баргыла, ал дәнәкәр, эбин табат;* 3. *зам.* идиш – аякты данакерлеп ширетүү үчүн колдонулуучу кызыл түстүү зат; *дәнәкәрди ширетyw үчүн колдонот.*

ДӘНДӘВҮЛ *батк.* жинди сөрөй, акылы кем; *ол дәндөвүлгө айтканың менен билвейт.*

ДӘНДӘК *суз.* чач уштук; *дәндәк сурап келиптир.*

ДӘҢ: дәң болуптур *ичк.* сооп болуптур (табалоо маанисинде).

ДӘҢГӘ: дәңгә шүкүрнә *суз.* диний ырым – жырымдын бир түрү; *садага – секет кылып дәңгә шүкүрнә берген экен.*

ДӘҢГӘК *ноок.* таңгак; *дәңгәк – дәңгәк тәмәки көтөрдү.*

ДӘҢГӘЛ I *жерг.* чикит; *мурун шо дәңгәлди чилик – хунасындан нары чават;* **чилик дәңгәл** *жерг.* чикит ойну (бул оюндун; жөнөкөй, күтән, пәстow, хоринч, бәндәк, сувәгәрдүн, лок, чәпәнәчәптәр, әндәл, әсвутәр деген аттуу фазалары бар); *шыны чилик дәңгәл дейттер.*

ДӘҢГӘЛ II *батк.* тартынбай сөздүн так өзүн айтуучулук; *дәңгәл сүйлөйт экен да;* **дәңгәл көтөр** *батк.* 1. так көтөр; 2. *өтм.* марттык кыл.

ДӘҢГӘНӘ *өзг., суз.* 1. үйүлүш; *дәңгәнәгә бир кой саттым* («дәңгәнә» болгондо мал союлуп, ыр ырдалган, өлөң айтылган, тамбур чертилген, ар кандай тамашалар өткөрүлгөн); 2. бир малды ортоктошуп союп алып, акчасын тең чыгарып берип, этти үй – үй бөлүп алып кетүү жөрөлгөсү).

ДӘҢГӘР I *лейл.* кийимдин аты; *көк дәңгәри кийдирген.*

ДӘҢГӘР II: **дәңгәр ата** *батк.* сыйына турган мазарлуу жай; *дәңгәр атага баравыз деп кетишти.*

ДӘҢГӘСӘ *ичк., түшт.* 1. жалкоо; 2. күнүмдүк оокатын гана ойлогон адам; *турушуң менен дәңгәсә экенсиң.*

ДӘҢГӘСӘЛИК *өзг.* жалкоолук; *алиги жигит өтө дәңгәсәлик кылды.*

ДӘҢГИ I *батк.* 1. эки зоонун, таштын, тоонун арасындагы кууш келген кысык; *дәңгидән кулап кеткен*; 2. колот; *дәңги ылдый өрдөп жол басты.*

ДӘҢГИ II *түшт.* жалкоо; *ол адамдын эле жеткен дәңгиси.*

ДӘҢГИЛЧЕК *батк.* селкинчек; *балдар бакка дәңгилчек куруп ойношту,* (Жерге – Талда «жеңилчек, жеңгилчек» деп да аталат).

ДӘҢИЛЧЕК *батк. к.* дәңгилчек.

ДӘП I *пам., өзг.* сөз кайтара албай калуу; *Муса әкәнин кычы сөзүнө дәп әйтә әлвәй калды.*

ДӘП II *пам.* тап; *эшке эри чыкканда, көмөч десе дәп берген.*

ДӘПӘ *жерг., зам.* убак, учур; *шу көрүшкөн дәпәдә канжар менен сайып өлтүрөт.*

ДӘР *лейл.* зарыккандык, өкүнгөндүк; *пулумду жоготуп дәр калдым.*

ДӘРӘ I *жерг., батк.* 1. эки жагы тик тоо, ортосунан суу аккан капчыгай; *дәрәнин эки жагы тик тоw болот*; 2. колот, өндүр; *Вахийо – дәрә–дәрә, илим —шак–шак* (мак.); 3. кокту; *койлор дәрәгә кирип кетти;* **доңуз дәрә** *жерг.* 1. доңузу көп колот, өндүр; 2. жердин аты; *Доңуз–Дәрәдә жапайы чочко көп;* **көр дәрә** *жерг.* 1. баш жагы чолок, туюк келген колот, өндүр; 2. жердин аты.

ДӘРӘ II *өзг., лейл.* жоолук таштамай; *көпкө дәрә ойнодук.*

ДӘРӘ III: **чөп дәрә** *зам.* жыгачтан салынган үй; *тоwго барып, дәрә жасадык.*

ДӘРӘГИ: **кызыл дәрәги** *батк.* өңү кызыл, даамы ширин, дандуу жүзүмдүн бир сорту.

ДӘРӘЙИ *өзг. к.* дарайы; *ий, дәрәйи, салыныптыр.*

ДӘРӘМ I *түшт.* аялдардын кийиминин бир түрү; *дәрәм кийип бураласың.*

ДӘРӘМ II *зам.* киреше; *иштевесе кайактан дәрәм болсун.*

ДӘРӘМӘТ *ноок., өзг., пам.* 1. киреше; 2. дүйнө, байлык; *дәрәмәти ашкан киши*; 3. *пам.* бийлик.

ДӘРӘЧИ *жерг.* жай, тынчтык; *дәрәчи тапчы көрүндө.*

ДӘРВӘДӘР *өзг., лейл., жерг., батк., пам., суз.* 1. жетим (атасы жок, энеси бар*); жакылдаган дәрвәдәр бар эде*; 4. *өтм.* селсаяк; *дәрдиң жаман өттү го дәрвәдәр*; 3. тентек, тил азар; кара ниет; *дәрвәдәр болво* (сал. таж. дарвадар «селсаяк, үй – жайсыз»); 4. шумпай; *дәрвәдәр десе, кәмпирлердин көзүнчө шонтесиңби.*

ДӘРВӘДӘРЛИК *жерг.* жетимчилик; *онун кылганы дәрвәдәрлик.*

ДӘРВӘДӘРЧИЛИК *батк.* дейдилик; *шунча жыл дәрвәдәрчилик кылып әм жүрдүң, энди бир жерге токтосоңчу.*

ДӘРГӘЙ *жерг.* азап, дарт; *дәргәйиңдә көп күйдүм.*

ДӘРГҮМӘН *пам.* эки анжы; *бул иштин бүтөрүнө дәргүмән болдум.*

ДӘРДИБЕДӘВӘ *батк.* айта берип суу болгондук; *мен саңа әйтә берип, дәрдибедәвә болуп кеттим.*

ДӘРДИГӘН *пам.* дарттуу, капалуу; *дәрдигәр кылвай кел десең.*

ДӘРДИСӘР *лейл.* 1. сарсанаа; 2. *өзг.* сагынуу*; өзүмдү дәрдисәр кылдың;* 3. *пам.* жарбагыр (эркелетүү маанисинде); *о, дәрдисәр кечәә эле жоош эде, бүгүн чоңдукка умтулат*; 4. *батк.* арабөк; *дәртисәр болуп кайтып келдим.*

ДӘРДҮВӘНӘКӘШ *лейл.* 1. кош данек; 2. данекти чакпай туруп, жалгыз же жуп экендигин болжоп айтып, данек утушуп ойноо ойну.

ДӘРИ *түшт., ичк.* дары; *дәри чөптөр бар;* **айуw дәри** *зам.* өсүмдүктүн аты; *ол адам айуw дәрини кайактан барып алып келгенин*

билбейм; **ак дәри** *батк.* өсүмдүктүн аты (бийик тоодо өсөт да, эл анын тамырларын кайнатып, жүрөк ооруга дары катары пайдаланып келишкен); *ак дәри эгиз тоwgо өсөт, дәри чөп;* **кара дәри** *пам.* күркүт менен шоро, көмүрдүн аралашмасынан жасалган өңү кара дары; **кашкар дәри** *пам.* тоголок, үч бурч, тегерек кылып колго жасалган мылтыктын ок – дарысы; **кыркма дәри** *пам.* кристалл сыяктуу чың жасалган кыр – кыры бар ок – дары; **куw дәри** *пам.* өңү бозчаңгыл ок – дары; **куймак дәри** уютулуп жасалган ок – дары; **өрүк дәри** *батк.* өрүктүн мөмөсүн дарылоого колдонулуучу дары.

ДӘРИДӘЙ *лейл., өтм.* абдан жакшы, эң мыкты; *дәридәй кыз.*

ДӘРИЙӘ I *жерг.* жээги алкак, тери кептелген, металл коңгуроо чолор тартылган музыкалык аспап (аны кол менен кагып ойнойт); *дәрийә кагып, тәмбур чертип, аргыч ататтар.*

ДӘРИЙӘ II *түшт.* жайык, кең, терең өзөн; *кәттә дәрийә болгон имиш.*

ДӘРКИШИННӘ *батк.* жаз алдында оору – сыркоодон аман бололу деп өткөрүлүүчү кудайы.

ДӘРМӘН *ичк., түшт.* 1. дарман; *күн ысыса эле дәрмәним жок;* 2. *өтм., пам.* жөлөк, таяк, кубат; *сен маңа дәрмәнсиң.*

ДӘРТ *түшт., ичк.* 1. дарт, оору; *дәрт деген эрди үшкүртөт;* 2. азап; *шум өлүм сенин дәртиңән;* 3. кесепет; *Әзәмдин дәртидән көп адам кырылды;* 4. арман; *дәртин айтып көп сүйлөдү;* 5. *пам.* жөн, тим, тынч (буйрук иретинде айтылат); *ээ, дәрт!; owзуңа карап сүйлө;* 6. *батк.* кой болду!; кой жетишет! (сырдык сөз); *дәрт, ондой эмес!;* **кара дәрт** *түшт.* айыкпас оору; *айыкпас кара дәрт алды;* **дәрди өттү** *пам.* 1. комуз күүсүнүн аты; 2. оозеки тараган ырдын аты; *дәрти өттү деген ыр, гүw бар;* **колуң дәрт көрвөсүн** ◊ *жжол.* жамандык көрвө (алкоо учурунда айтылат).

ДӘРТКӘМ *ичк.* даттикем; *жүз сомго дәрткәм деди.*

ДӘРТКӘМЧИ *ал.* 1. даткем ойногон адам; 2. тобокелчи; *дәрткәмчи адам.*

ДӘС *пам., лейл.* ал, күч, кубат; *дәсиң жетсе, алып кет;* **күчүм – дәсим,** ал – күчүм; *күчүм – дәсим жетпеди;* **дәс көтөр** *этн.* күрөшкөндө чалбай туруп, кара күчкө салып көтөрүп жыгуу; *эр болсоң дәс көтөрүп чап;* **жаазын жеп, токумуна дәс койгон** ◊ куу такым; **оокаттын дәси** оокаттын айы; *оокаттын дәсидән бирөwдү бирөw каравай каган эде;* **дәс боо** *өзг.* атты тушаганда колдонула турган бир тутам кайыш.

ДӘСӘРӘ *лейл.* кол араа; *биздин дәсәрә кайда?* (сал. таж. дас, «кол» + араа).

ДӘСӘТ *ичк.* кооздолгон ат жабдык; *Бактыбектин дәчәти атка жарашат экен.*

ДӘСИДӘН *түшт.* айынан, себебинен.

ДӘСКӘЛДӘ *лейл.* 1. эт майдалай турган салмактуу, учу жок, чоң жалпак бычак; 2. *батк.* бутак кесүүчү керкинин бир түрү; *дәскәлдә менен бәжикини чаап койчу* (сал. таж. дасткалла).

ДӘСКИЙӘ *лейл.* тамаша сөз; *дәскийә гәп әйтәлвәйм.*

ДӘСМӘЛ *батк.* 1. ийне саюу үчүн, же «патыр» нандын күлүн аарчуу үчүн таардан согулган кичинекей баштыкча; 2. кол, идиш – аяк аарчый турган майлык; *дәсмәл менен колуңду аачый сал.*

ДӘСМИЙӘ *ичк., түшт.* акы, энчи; *дәсмийә алып кайттым.*

ДӘСТӘ *түшт.* 1. десте; *менин жакшы төрт дәстәм бир боо буудай болот;* 2. жибек курту пилла ороо үчүн ташталган тал – тал куурай, тыт ж.б. тобу; *дәстәгә эвелек жакшы болот;* 3. *лейл.* камчы сап; *камчынын дәстәсини беш;* 4. *ал.* сол; *чабылган чөптүн дәстәси калың болот;* 5. *жерг.* кетмен, күрөк, айрынын сабы; 6. *жерг.* үйдүн төбөсүнө коюлуучу чабак жыгач.

ДӘСТӘВӘЛ *ноок.* оболу, эң мурда; *дәстәвәлдән эле шону әйтти.*

ДӘСТӘК *жерг.* үйдүн устунуна коюлуучу кыска жыгач; *дәстәктәри жакшы экен.*

ДӘСТӘП *суз.* алгач, мурун, биринчи; *дәстәп сен көтөр, анан мен көтөрөйүн.*

ДӘСТИДӘН *лейл.* артынан; *онун дәстидән жүрөм.*

ДӘСТИЙӘР *өзг., батк.* тестиер (сал. элгенчи).

ДӘШ *ичк.* талаа; *Лахшынын дәши кәттә;* **дәштә калгыр** талаада калгыр; *дәштә калгыр, күрөшкүң келсе, дәшкә чык!*

ДӘШИ *лейл.* чылапчын; *дәшини алып колго суw куйсун.*

ДӘШТИКӘРБӘЛӘӘ *пам.* 1. ээн талаа, эрме чөл; *дәштикәрбәләәдә калгыр!;* 2. карыз; 3. адам укпаган, билбеген сөз; *ол бир дәштикәрбәләәни сүйлөйт.*

ДӘШЧӨВҮ *лейл.* идиштин бир түрү.

ДЕБДЕР *жумг.* депкир (сал. кепкир, сузгуч, чөөлү).

ДЕБЖАРА *зам. к.* дәвзирә.

ДЕВЕЙЛЕ *пам., лейл.* 1. тевеле; *кийизди сuwга салып девейлейт;* 2. тыбырчылоо (жылкыга карата); *бararда атың девейлеп турат.*

ДЕВИЗӘР *суз.* күрүчтүн бир түрү (сал. дебжара).

ДЕВИЗИРЕ *лейл. к.* дәвзирә.

ДЕВИЛГЕ *пам.* демилге.

ДЕГДЕМЕКЛИК *суз.* дегдегендик; *алдыңда атың болвосо, дегдемеклик бекер гәп.*

ДЕГДЕР *суз.* тоонун тескей бетине чыгуучу өсүмдүктүн аты; *дегдери элең тескейдин, гүлдөрү элең күнгөйдүн.*

ДЕГДЕЧ *түшт.* ызы – чуу, өкүрүк – бакырык.

ДЕГЕНЕ *чүй.* идиш; *дегенеге эт чыгарат, ичи чуңкур болот* (кээде бул идиш «чара, мис чара» деп да аталат).

ДЕГИЛИК *ыск.* бир нерсенин «де – деп» айтуучулук; *оой, андай дегилик кылбасын.*

ДЕГИРМЕН *тал.* тегирмен.

ДЕГӨӨРСҮН *тал.* дөөгүрсүн; *аны таанымаксан болуп дегөөрсүнөт.*

ДЕГЭЭ *ыск.* эки жагы иймекей темири бар, узун саптуу балык сайгыч курал (бул курал көбүнчө Ысык – Көлдүн чыгыш жана түштүк жагындагыларда колдонулуп келген. Бул курал менен тайыз булуңдарга сүзүп чыккан чоң балыктарды сайып алышкан).

ДЕГЭЭЧИ *ыск.* дегээ менен сайып алганга адис киши; *күрмөнтүлүк Отукен да* (Отунчу) *дегээчи болгон экен.*

ДЕГЭЭЧИЛ *ыск.* 1. дегээ салууга куштар киши; 2. дегээ менен балыкты көп кармаган устат; *Чоштеке да дегээчил болгон бекен?*

ДЕГЭЭЧИЛИК *ыск.* дегээ салуучулук; *азыр дегээчилик калган го, бир да адамда дегээ жок.*

ДЕГИЛЕ *пам.* мындай де, тигиндей де деп айта берүү; *караколдуктар «оова» дегилеп келет.*

ДЕЗИРӘ *өзг. к.* девзирә; *дезирә күрүчүнүн ашы ширин* (бул күрүчтүн даны бышканда созулуп кетет).

ДЕЙ *түшт.* деги; *дей барвы айывы?*

ДЕЙИН *тал.* чейин; *ого дейин жүрө беripмин.*

ДЕЙРИ *суз., акт.* дейре; *түшкө дейри бүтөм.*

ДЕКЕ I *тал.* даки; *чыккан колун деке менен таңып бериптир.*

ДЕКЕ II: **деке–дука** *суз.* алеп – жалеп, элеп – желеп; *деке–дука болуп жүрөт.*

ДЕКИН *жерг.* супа өндөнтүп бийиктеп, үстүнө тегиздеп жасаган тектирче жер; *декинде отурсак жакшы болот эде.*

ДЕКИТ *жерг.* зыкы, демит; *таппасаң болвойт деп декитти.*

ДЕКТИР *жерг.* гектар; *дектир кылып бөлүп берди.*

ДЕКТИРЧЕ *жерг.* тектирче; *алдыңкы дектирченин сувy.*

ДЕКЧЕ *зам.* кичине кап; *декчеңизди бериң, салып койойун.*

ДЕЛ *тоң.* дал, нес; *дел болуп ордунда катып калган.*

ДЕЛБӘК *батк.* шыйпаң; *пахтанын ортосундагы делбәккә сув жеткир.*

ДЕЛБЕЛЕК *чүй.* күүлөнүп, жеңил тартып, учуп – күйгөн жан; *тээ оводо делбелек–делбелек.*

ДЕЛВАК *жерг.* 1. жер, төлө, жер кепе, жер үй; *делвак кылып койдум*; 2. *пам.* убактылуу жашоо үчүн таштан, чымдан жасалган төбөсү чатыр менен тосулган кепе үй.

ДЕЛВАРЧЫН, КАРА ДЕЛВАРЧЫН *түшт.* канаттуунун аты.

ДЕЛВЕ: **делве болуу** *түнд.* бүркүт табына келип жулунуп калган учур.

ДЕЛВИР *ал.* үзүк; *кыргыз үйдүн делвири болот;* **жүнөн делвир** *жерг.* жүндөн жасалган үзүк; *жүнөн делвир кылдык.*

ДЕЛГИР *өзг.* жээлигүү; *делгирип дува шамалсыз.*

ДЕЛДЕГЕЙ *пам.* төрт жаштагы кулжа; *гулжа, делдегей, аркарды ак кийик дейт* (Памирде кулжанын жашы төмөнкүдөй ажыратылат); 1 жаштагысы – козуга, 2 жаштагысы – бодо, 3 жаштагысы – көкмөк, 4 жаштагысы – делдегей, 5 жаштагысы – чары чыкма, гулжачар, 6 жаштагысы – гулжа, 7 жаштагысы – гез кайтарган гулжа).

ДЕЛДЕЙМАТ *ыск.* дайыма делдейип жүргөн адам; *о балээ баскан делдеймат.*

ДЕЛДЕ *атб.* үч жашар кулжа.

ДЕЛДЕШ *тяньш.* үч жашка чейинки аркар.

ДЕЛДИРЕМЕЙ *ыск.* делдиреп калуучулук; *делдиремейин карматкан го.*

ДЕЛЕГЕЙ *жерг.* ачык, жарыя.

ДЕЛЕҢГИТ *өзг.* шок; *Асан деленгит саартан бери жок.*

ДЕЛИЧЕ *түшт. к.* дәрчә.

ДЕЛООРСУ *чүй.* дал болуу; *байкем делоорсуп, жанындагыны түшүнө берведи.*

ДЕМ I *жерг.* уук, керегени бир – бирине барабарлай турган курал; *дем менен тегиз тешиле турган жерин белгилеп алабыз да, анан теше беребиз.*

ДЕМ II: **дем эт** *түшт.* 1. дем албоо, дем чыгарбоо; 2. сөз айтпоо, жооп бербөө, унчукпоо; *осол болуп калдым, дем этпеди.*

ДЕМАРЫК *батк.* 1. таш – туш, чырпык тизип, түздөп алып чыккан арык; 2. жердин аты.

ДЕМБЕ *жерг.* эшиктин каалгасы ачылып кетпес үчүн «тэрдэриге» оюк жасалып, ошол оюкка салынып коюла турган кичирээк, кыскараак катуу жыгач.

ДЕМБЕЛЕ *жерг., пам. к.* дэмбэлэ; *балам, эшикти дембелеп ал.*

ДЕМДЕ *ыск.* заматта, бир паста бар паста, бат эле; *жаралууну көрсө демде жутуп живерет.*

ДЕМЖИ *пам.* 1. жаш баланын тайтайлап басып калышы; *бала*

демжип калыптыр; 2. алга жылуу, илгерилөө, өйдөлөө, бийиктөө; *дагы бир жолу демжисең максатка жетесиң.*

ДЕМЕ I *пам.* жаза тийүү; *чоркоктун балтасы деме тийет, тантык гәвин эки сүйлөйт* (мак.).

ДЕМЕ II *пам.* атта, аттап өтүү.

ДЕМЕВЕЙ *пам.* ордонун ичине түшкөндө өз ордунан козголбой, былк этпей туруп атуу; *жакшы ойунчу демевейт* (мак.).

ДЕМИН *өзг.* темин; *демин басып болду* (кээде ал «жанчык» деп да аталат).

ДЕМИНГИ *өзг.* теминги; *демингисин узартып кой.*

ДЕМӨӨР I *ыск., кочк.* жөлөк, таяныч; *демөөр кылам* (адамга карата айтылат).

ДЕМӨӨР II *ыск.* чечилбей, тартынып тургандык; *демөөрүн алып, иш үстү көңүлдүү боло түштү.*

ДЕМӨӨРДӨН *чүй.* ачылып, чечилип сөзгө аралашуу; *таанышкандан кийин демөөрдөнүп кирди.*

ДЕМСЕЛЕ *лейл.* темселе; *демселеп жүрөт.*

ДЕНДААР *тал.* эмне кылуу билбей дал болуу; *дендаар болушуп кимди кой деп тыйарды билбей калышты.*

ДЕНДЕРӨW *ноок.* дел, дал, дендароо; *кырмандагылар дендерөw болуп калышты.*

ДЕНЕГУЛ *ыск., эск.* башы өмүрлүккө байланган кул.

ДЕНЕК *ош.* жемиш өсүмдүгүнүн (өрүктүн) данегинин ичиндеги маңызы; *денекти шурудай тизип койот.*

ДЕНЕМЕ *батк.* 1. ууру; 2. ушакчы; *өлүгүң көрөйүн, денеме болуп кет!*

ДЕНИЙТ *ыск.* бырышты жазуу; *кир–гокту керип денийтип жай.*

ДЕҢГӘНӘ *түшт. к.* дәңгәнә.

ДЕҢГЕМАС *түнд.* 1. уйкуга мас болгон киши; 2. *ичк.* чала мас.

ДЕҢИЛЧЕК *лейл.* селкинчек; *деңилчек атып ойнойттор.*

ДЕҢИС *тяньш., чүй.* деңиз; *деңистин түбү терең.*

ДЕҢКЕЙ *жерг.* даңкай; *жети атан жүгүң деңкейген.*

ДЕҢКЕГЕЙ *ыск., чүй.* деңкейген адам; *деңкегей – мындай өзү чоң, анан бой көтөргөн адам.*

ДЕҢКЕЙМАТ *ыск., чүй.* деңкейип жүргөн адам; *аа, байкуш деңкеймат, эбин билбейт.*

ДЕҢСЕ I *ичк.* жер титирөө; *жер деңсеп жатат.*

ДЕҢСЕ II *ичк.* өңү кара, бирок эзгенде сары ирең чыга турган таш (жергиликтүү эл эзип, тамактын без оорусуна сүртүп, дары катары колдонушат); *деңсе таш менен тамагыны эмде.*

ДЕҢСЕЛ *ичк.* теңсел, термел; *эки жакка деңселип басат.*

ДЕПКИР *ыск., кочк.* сым, тал, чийден согулуп жасалган, туткасы бар, боорсок же лагман, кесме сүзүп алгыч курал; *депкир менен боорсок аралыштырып жатат* (бул буюм башка говорлордо «кәпкил, кәпкир, кепкир, чөөлү, чәвли» болуп айтылат).

ДЕПКҮҮР *атб. к.* депкир.

ДЕПСЕ *ичк.* тепсе; *белимди депсе.*

ДЕПСЕН *пам., жерг.* көп тепселип тапталып калган жер; *эшигим түбү–депсен.*

ДЕПСЕН *батк., өзг.* 1. тепкир; *депсең деген барвы, агай?*; 2. *ал., жерг., пам.* тоолуу жердин түзөңчө жайыгы; *депсең жер экен*; 3. *жерг.* деңсөө; *шо Кәлтә – Булактын жәни–депсең.*

ДЕПСЕҢЧЕ *ичк.* тоонун түзөңчө жери; *биздин отор депсеңчеде.*

ДЕПТЕР: **темир дептер** *ош.* совет бийлигинин алгачкы жылдарында бай – кулактардын тукумдары

катталаган учет дептери; *темир дептерге аты жазылган;* **мусода дептер** *өзг.* карыз берилген нерселерди жазып коюучу дептер; *мусода дептерин алып баракгады.*

ДЕПШААР *жерг.* бир учурда гүлдөгөн чоң шаардын калдыгы (дөw+шаар, легенде боюнча Мөк, Депшаар, Кандоw//канде, Иргет деген шаар элдерин башкарган Ийрихаман аттуу залим адам өткөн экен).

ДЕР *тяньш.* курут жая турган чий.

ДЕРВЕҢДЕ *ичк.* дерденде; *таноwлорду дервеңдейт.*

ДЕРДЕГЕЙ *ыск., чүй.* дердейген адам; *ээ, тетиги киши дердегей экен.*

ДЕРДЕЙМАТ *ыск., чүй.* дердейип жүргөн адам; *дердеймат келатат.*

ДЕРДЕҢ: **дердең как** *өзг.* дерденде; *дердеп кагып ал кетти.*

ДЕРЕЗЕ *түшт.* терезе; *күндүн суугуна дерезе кыйын тоңгон.*

ДЕРЕЖЕ *түшт.* терезе.

ДЕРЕСТЕ *тоң.* оорудан кийин мүнөздөп, байкап тамак ичүү; *тамакты дерестеп ичет.*

ДЕРИМ *жерг.* дейре; *шаарга дерим бир чакырым келет.*

ДЕРИТ *жжол.* тегирменге тартылган жүгөрү акшак менен топон аралаштырылган алап.

ДЕРКЕР *өзг., жжол.* зарыл керек, муктаж нерсе; *деркер экен, шого алды.*

ДЕРМИЙАН *тоң.* 1. ооруга карата мүнөздөп бериле турган тамак; *дермийан тамак берет*; 2. *өтм.* орто заар адам.

ДЕРМИЙӘН *жерг.* эркин; *хан дермийән, кайдан атасаң шонон ат.*

ДЕРТ I *ыск.* жара тартылган акшак арпа; *койлорго жен эле дерт берип жатат.*

ДЕРТ II: **дерт кумар** *ыск.* өтө кумар; *дерт кумардан жазылды.*

ДЕРЧЕ *өзг. к.* дәрчә; *дерчеден чыгарып живерген.*

ДЕС *ыск.* үш, эс; *тигилердин десин суутуп таштады.*

ДЕСЕЙТ *батк.* солойто коюу, ыргыта чабуу; *Асан Алымды десейте койчу.*

ДЕСЕТ *зам.* чыгым, салык; *эчки сойуп бәчәрә дестин онон төлөдү.*

ДЕСМОЗО *пам.* колдун учунан билекке чейин кийиле турган бармагы бөлөк, төрт салаасы туюк тери мээлей (койдун тересинен жасалат да, тикенектүү отун алганда кийилет; сал. жеңче); *десмозом жарылыптыр.*

ДИВӘН *жжол.* Кокон хандыгынын учурунда мамлекеттик иш менен өткөрүлүп турган чогулуш (андай «диванга» ордо кишелери гана катышкан); *Кудайар хан дивән чогултту* (айрым маалыматтарга караганда, Кудаяр хандын үй-бүлөсүндө 70 аял заты, 643 некери болуп, кийин ал «катынып03» атыгып кеткен имиш. Кокондон ал качканда өлүү дүйнөсү 80 арабага жүк болгон экен дешет).

ДИВӘНХӘНӘ *жжол.* илгери жыйналыш, чогулуш өткөрүлүп келген жай.

ДИГДИКЕ *лейл.* оромодон кичирээк ат жабуу; *мен аттардын эгелерин алып, дигдике, тердиктерини алып, оронуп жаткан эдем.*

ДИДӘ *батк.* сабыр; *дидәси жүдәә каттык адам.*

ДИДӘК *жерг. к.* дикөк.

ДИДӘР *түшт.* жамал, жүз, өң-түс; *дидәр көрүшөлүк дедик эле;* **жан дидәр** *ар.* селки; *салам кыздар, жан дидәрләр;* **дидәри гайып** *пам.* ойдо жок жерден бир тууганына, же таанышына жолугуп, жүз көрүшүү; *дидәри гайып экен, он жылдан бери көрүшө элек эжеме быйыл жазында көрүштүм.*

ДИЗЕ *өзг.* тизе; *дизе бүгүп, кечирим сурайт.*

ДИЙӘ *жерг.* туз талаа, айыл жак, кыштак тарап, жака жак; *жәйләwдөн дийәгә баравысың?*

ДИЙӘР *таж.* урук – тууган; *дийәри жок* (сал. таж. дийор).

ДИЙИРМЕН *зам.* тегирмен, темирген.

ДИЙЛӘПОРОС *батк.* нактын экинчи бир түрү (мунун кээ билеринин салмагы бир жарым кг. чейин барат, аны жергиликтүү эл сабагынан жипке байлап, же жертөлөгө, жылуу үйгө, кээде газанга аралаштырып яшикке сакташат); *дийләпоростон алып кел, Айша* (өзү кеч бышат, даамы ширин болот.).

ДИКӘ, ДИКӘВӘ *батк. к.* дикәк; *дикәвә аттарга жасалат.*

ДИКӘК *пам.* жука ак кийизден жээги саймаланып жасалган чачыктуу ат жабуу; *атка дикәк оңдоду* (дикәк жасоо ичкиликтерге мүнөздүү болуп, түндүк райондордо жолуккан эмес. Дикәк кооздоодо «гажары» жана «терме» согуунун техникасы колдонулган. Дикәк ичтелет. Ошондо ал калың болуп калат. Дикәктин жээгине кээде шуру – мончок тагылып, чачы чыгарылып жасалат. «Дикәк» деген термин өзбөк тилинин говорлорунда да жолугат); **пийәзи дикәк** төөнүн жүнүнөн жасалап, жээгине кымкап бастырылган дикәк; **тор чәчи дикәк** жалаң чачы менен жээктете кармалып жасалган дикек; **төкмө чәчи дикәк** пийазы дикек менен тор чачы дикектин кооздугу аралаштырылып, шуру тагылып, ылдый саландап туруучу кооз жээк салынган ат жабуу.

ДИКӘП *лейл., өзг.* дикектин кичирээк бир түрү.

ДИКДИК *чүй, терг. к.* диңкилик; *апан–тапан, жаман чапан, карагай комуз, жарык жылдыз, эки дикдик, бир шивеге* (таб. төө).

ДИКДИКӘ *зам. к.* дикәк.

ДИКЕТ *жжол.* байге; *балдар бирден дикет алуwчу.*

ДИЛ *түшт.* 1. жүрөк; 2. жан; 3. көңүл; *дил ооруткан дос эмес* (мак.); **дил сынды** көңүлү сууду; **дилим гуптан** *өзг.* жүрөк – заада; *дилим гуптан болуп жүдүм эле.*

ДИЛӘЗӘ *пам.* күн өткөрүү; *сен келгенче, диләзә кылып турармын.*

ДИЛВӘ *түшт.* нур; шоола; *жан дидәрләр, дилвәрләр бар;* **ак дилвәр** ак жүздүү селки; *ак дилвәр айдай чырайың;* **күн дилвәр** кызыл жүздүү селки.

ДИЛВӘРЛӘН *ар.* нурдан, жайна; *дилвәрләнгән дидәриңәр жаш кыздар.*

ДИЛВИР *батк.* кандайдар бир нерсенин айрындысы, үзүндүсү; *жиптин дилвири жолдо жатат.*

ДИЛГЫРОЖ *жерг.* бий аралашкан тажикче күү; *тәжикче дилгырождy аткарат.*

ДИЛДЕ *түнд.* 1. алтын; 2. алтын, күмүш деген сөздөр составында бар энчилүү адам аттарын тергөө; *Алтынай, Күмүшай дебей дилде деп тергешет.*

ДИЛДИРЕКТЕ *ыск.* дилдирөө; *канаты дилдиректеп ирмегенин талдырбайт.*

ДИЛДИРЕМ *түнд.* телеграмма; *зым карагай дилдирем, дилдирем менен билдирем.*

ДИЛИЖӘН *батк.* вилис.

ДИЛИЖОW *пам.* күйүп – бышып, кыжаалат болгондук; *дилижow болдум, баламан кат келбейт.*

ДИЛЛӘ *суз.* дилде, алтын; *диллә чөгүндү атайлап калтырган.*

ДИНӘР *лейл.* алтын; *ынтынат кыздын динәри.*

ДИНДЕК *жжол.* чоң арык; *диндек, кәпкүр, када дейвиз.*

ДИҢ I *жжол.* унаага алды жагы ылдый, арт жагы саал бийигирээк артылган жүк; *арткан жүгүң диң болуп калды.*

ДИҢ II: **диң–диң** *чүй.* 1. тууранды сөз (төөнүн өркөчүнүн эки жакка оошун тууроо); *эки диң–диң, төрт жампак* (таб, төөнүн өркөчү, төрт бутту); 2. *жерг.* тып – тып этип басуу; *диң–диң этип кетти.*

ДИҢГЕК *тал.* өсүмдүктүн аты; *диңгек, кара арча жыйылган.*

ДИҢГИЛ: **диңгил–диңк** *жерг., пам.* жаш баланын отура элек кезинде улам – улам жыгылышын тууроо; *жер үстүндө жетим бала диңгил–диңк, кар үстүндө карып бала диңгил–диңк, муз астында мусаапыр бала диңгил–диңк* (таб. терскен, түлкү, балык).

ДИҢГИЛИК *чүй, терг.* төөнүн өркөчү; *эки диңгилик, бир чыйпылык.*

ДИҢК *пам.* элес тууранды сөз; *жер үстүндө жетим бала диңгил диңк.*

ДИҢКӘНДӘ *зам.* түрсүлдө.

ДИҢКЕ *ыск.* күч, ал, кубат; *диңкем сууп отуруп калдым.*

ДИҢКИГИЙ *ыск.* диңкийген адам; *диңкийген бәләә баскыр, деле былк этпейт.*

ДИҢКИЙМАТ *ыск., чүй.* диңкийип жүргөн адам; *диңкиймат бери бас.*

ДИҢКИЛИК *чүй. к.* диңгилик; *төрт тап–тап, бир сап–сап, эки диңкилик, бир чыйпылык* (таб. төө).

ДИҢКИЛӨӨН *атб.* кургак дын, кыртыштуу жер.

ДИҢКИЛӨӨНДӨ *атб.* кургактап, кыртыштап басуу; *диңкилөөндөп бас.*

ДИҢКИЛӨӨҢ *кашк., тяньш.* 1. жылуу, калың; *диңкилөөң кийинип алыптыр;* 2. *өтм.* күчтүү, кубаттуу; *топостун эти диңкилөөң келет.*

ДИҢКИН *түнд.* дөлөөрү, умсунуу, үмүт; *күдүктөнгөн диңкиниңди куруттуго.*

ДИҢСЕ I *ыск.* илгери калмак, кытай төрөлөрүнүн бөркүнө сайып алган белги таш.

ДИҢСЕ II түрмө (Синь – цзянда); *диңсеге келип тамак берип кетип жүрдүм;* **кара диңсе** терезеси жок түрмө.

ДИҢШИЙ *лейл.* муздагансып, бүжүрөп араң кыймылдоо; *диңшийвей кыймылда.*

ДИРӘПШӘК *жерг.* тор согуучу шиш; *торду дирәпшәк менен токудум.*

ДИРИЛ *түшт.* дирилдөө; *дирил какты, дирилдеди.*

ДИРИЛДЕК *ыск.* башында ичке жыгачтан, камыштан барабан сыяктуу төрт ача кылып жасалып, кагаз чапталган дирилдемеси бар жөнөкөй оюнчук (аны шамалга карата кармап алып чуркаса дирилдеп айланат); *дирилдек жасап бер, ава?!*

ДИРИҢЧӘК *жерг.* секирик; *дириңчәккә чыгышты.*

ДИТ *өзг.* ой, болжол; *менин дитимче миң чейрек.*

ДИТТЕ *чүй.* бир нерсени өтө арзандатуу; *диттеп келсе бу кой элүү сом болот.*

ДИТӘР *жерг. к.* дутар; *дитәр чертип бериң.*

DOW *пам.* доо; *dow түн ашыкча, түлкү кыр ашыкча* (мак.).

DOWKEP *алб.* алып сатар; *менин атам dowкер болгон экен.*

DOWУЛ *жерг.* 1. музыкалык инструменттин бир түрү (кээде ал «дәрийә» деп да аталат); 2. *өзг.* коңгуроо; *тор атка dowул байлаган.*

DOWУЛБЕК: **өттү–кетти dowулбек** *жерг.* оюндун бир түрү (топ балдар чогулуп, бир баланын топусун катып алып, бир – бирине жылдырып ойноо).

DOWУР *жерг.* доор; *аз гана dowур*

сүрүшпөй кетти; **көмкөрө довру байланган** ◊ *жжол.* бүтүндөй ырысы түгөнгөн; *көмкөрө довру байланган көркөмүм атам көрүнбөйт.*

ДОВУШЧУ *өзг.* комуздун капкагынын ортосунан тешилген кичинекей тешикче.

ДОБОЗО *түшт.* топсо.

ДОВА I *батк.* доо; *дова кылып, сотко барыптыр.*

ДОВА II *зам.* даваа; айла, дары; *сары кәсәлгә дова дешеттер.*

ДОВОГЕР *жерг.* доочу; *довогер жарың биз мунда.*

ДОВОР: **көк довор** *суз.* жибек материалдын бир түрү.

ДОВРА *лейл.* көпчүк көтөрүлүп кетпесин үчүн ээрди айланта байлап койгон жип (сал. таж. өзб. давра).

ДОВРУКТУР *батк.* күчөт, ырбат; *довруктурбай челекти берип кой.*

ДОВУЙА *өзг.* лобуя буурчагы.

ДОВУЛ *батк.* сигнал; *довул урвай эле кирип келди.*

ДОВУЛГУ *тал., чатк.* табылгы; *камчы сапка довулгу ала кел* (кээде ал «доолгу» деп да аталат. Чүй, Өзгөндө «товулгу», Ысык – Көлдө «табылыгы» деп айтылат).

ДОГАТАЛА *ичк.* тамактын аты («докту» кайнатып, ун сээп, ачытпай ичиле турган тамак); *бүгүн догатала кылыштык.*

ДОГОW *ичк., өзг.* чоң чыны, бадыбот; *мага бир догоw бозо бериң;* **гүлдү догоw** *жерг.* гүлдүү чоң чыны.

ДОГОWО *жерг., өзг.* чоң чыны; *пийәлә жетишпай, чәйди догоwо менен ичтик* (сал. догоwу, догоw, логоwо, балгам, кердим, шак кесе, бадывот).

ДОГОWУ *жерг. к.* догоw; *догоwуну жуwуп койдуңбу, кызым?*

ДОГОЛ *лейл.* жолук; *доголводум, доголсо йәм маңа мойун сунбайт.*

ДОГОП *жерг.* чалап (сал. таж. «дог» – суюк эзилген + «об» – суу); *догоптон жутуп ал.*

ДОЗӘЛИ *батк.* чоң муштум; *Кожалы болвой эле дозәли болду.*

ДОЗОК *чүй, түшт.* тозок; *кадырдын кыйыгына калсаң, дозоктун көсөөсү болосуң.*

ДОЙ *жерг.* той; *баламдын дойуна элден шакек–жүздүк сурадым.*

ДОЙУР *ыск.* оюна келгенин бербеген көк киши; *Жуманын уулу укмуштай дойур.*

ДОЙУРДУК *ыск.* дойурга көнүккөн адам; *дойурдук кыла берсе, бир күнү атасын тааныйт да.*

ДОК *ичк.* 1. чийки уютулган айрандан каймагы бөлүнүп алынгандагысы; *мен док быштым эде май аз түштү;* 2. *пам.* сүтүнө караганда суусу көп куюлуп, чийки уютулган айран; *эртең менен док ичип кеткиле.*

ДОКТУ *жерг.* айрандын майы алынгандан кийинки коюу калдыгы; *доктуну калтага куй, кызым.*

ДОКУ *ыск.* саңсаң көрпөдөн жүнү кыска, эки элидей келген жүнү бар көрпө.

ДОКУНУЧ *суз.* суроого берилген жооп; *Садыктын докунучунан нәтийжә чыкпады.*

ДОЛ I *батк.* 1. акталган шалыны сапыруу үчүн шамал айдай турган пара; *шалыны долго салып кевегин тазалайт;* 2. тегирмендин дан куюла турган колусу; *долду данга толтуруп кой.*

ДОЛ II *зам.* добул, мөндүр; *күн күркүрөп, дол түштү.*

ДОЛГОW *к.* алгоw.

ДОЛДОГОЙ *ыск., чүй.* долдойгон адам; *ошо долдогой деп атпаймынбы, эмне деп атам.*

ДОЛДОЙМАТ *ыск., чүй.* долдоюп жүргөн адам; *ай долдоймат батыраак иште.*

ДОЛОН *батк.* бышты ат (4. *жашта*); *сенин бул атың быйыл канча тишеди? – Быйыл долон.*

ДОЛОНО: **сары долоно** *суз.* долонун бир түрү (Сузакта долоно үч түргө бөлүнөт: 1. долоно – мунун мөмөсү майда кызгылт болот да желет; 2. сары долоно – мунун мөмөсү майда, бирок саргыч болот болот да желет 3. айван сары – мунун мөмөсү чоң, саргыч болот да, желбейт, өзү чоң өсөт).

ДОЛДОРСУК *пам., суз.* толорсук.

ДОЛУ I *түшт.* тегирмендин дан салгыч чарасы.

ДОЛУ II *батк.* добул; *долу бөксөнү таза уруп кетти.*

ДОМ I *атб.* жоорду ээр басып койбос үчүн анын тегерегине бүктөлүп калындатылып коюлган чүпүрөк (сал. каптырга).

ДОМ II *чүй.* чек үчүн белги кылып коюлган жоон казык, таш же столба; *атты домго байлап кой.*

ДОМБОК *батк.* чүкө ойнунун бир түрү; *домбок ойну бар* (балдар саканы бир нече таман ордунан ыргыта атууну шартташып алат. Ыргыта атса шарт боюнча сакачы бала беркини көчүккө тебет, же көтөртөт).

ДОМБОЛО *батк.* томолот; *домболоп жүгүрүптүр.*

ДОМБУ I *жжол.* кыраан куштун бир түрү; *домбу каардуу келет, адамга да чап салат, койон–түлкү алат.*

ДОМБУ II *чүй.* жердин аралыгын бөлүү үчүн орнотулган жыгач, таш белги; *домбу салып койом, ошого карап арык сал.*

ДОМБУРА *зам., лейл.* музыкалык инструменттин аты (Заамин, Санзар райондорундагы кыргыздарда тараган музыкалык аспап. Анын узундугу 80 – 85см. келип, көөдөнү ичке болот. Кулакты бекиткен көзөнөгү башынын алдынан чыгарылат. Экинчи ичегисинен солго чыйратылган кыл тагылат. Бул домбурага көбүнчө жеңил, мукам чыга турган күүлөр чертилет. Домбура айрыкча, кой баккан адамдарда көбүрөөк жолугат. Домбура менен «Карыптын гүw», «Шайыр гүw», «Койчу чертиш» деген күүлөр чертилген).

ДОМБУРАЧЫ *жерг.* 1. домбура чертүүнү кесип кылган адам; 2. домбура жасоочу адам; 3. жердин аты.

ДОМДО *жжол.* жерди бир нерсенин учу менен сайгылап көрүү; *тайагы менен жерди домдоп көрдү.*

ДОМО *ыск.* илгери кытай жериндеги базарды башкарган адам; *кат таанығандыктан домо болуп алгамын.*

ДОМОК I *өзг.* арыктын нугу; *суунун жээгинде билинер–билинбес домок бар экен.*

ДОМОК II *пам., өзг.* 1. акылсыз; 2. зыян; *бирөwдүн домогун тартып, саңа не азап?;* 3. келесоо; *ол жомок, ол жомокту билбеген кара домок* (сал. бирин – билги, экин – элгек, үчүн – үлгү, төртүн – төлгө, бешин – бешик, алтын – ашык, жетиң – жемиш, сегизиң – серке, тогузуң – торко, онуң – оймок, ону билбеген кара домок).

ДОМПОЙ *тал., ош.* томпой; *эки бала домпой талашып жатты;* **айак домпой** *өзг.* оюндун аты (оромолго топ сыяктуу бир нерсени ороп, балдар эки тарапка бөлүнүп, бир тараптын башчысы адегенде чалкалап жата калып, бутунун салаасына баягыны кыпчып башынан ашыра ыргытат. Ошондо берки тараптан бирөө аны жерге түшүрбөстөн этегине тозот. Тозсо, экинчи тарап тебет, тозо албаса

беркини чектеген марага чейин көтөрүп барат); *айак домпой ойунду балдар ойнойт.*

ДОМПОК *өзг., кочк.* эки – үч бала сака атышып, утканы уттурганын көчүккө тизе менен коюп ойногон оюн; *утса баланын көчүгүнөн домпок алат.*

ДОМПОЧ *чүй.* денесин уруп баскан басыгы жок ат; *минген атым домпоч экен.*

ДОМПУК *атб.* томпой же сака менен ойноло турган чүкө оюндун бир түрү; *домпук менен ойношот.*

ДОМУРАҢДА *жерг.* томураңда; *ээ, бала көп домураңдава.*

ДОМУТ *өзг.* кекээрлеп демитүү; *Ажалган* (өткөн бир замандарда ичкиликтерден чыккан залим башкаруучу. Бул «хандын» залимдиги анын акырында карып, өз кедейинен өлгөндүгү жөнүндө элде «Сэйип – Кыраан» аттуу поэма айтылат) *аны домутту.*

ДОЛОЙУН *кочк.* көп, ашып – ташыган нерсе.

ДОНДОЛОЙ *чүй.* тоо эчкинин улагы.

ДОҢДОШ *акт.* кеч туулган улак.

ДОНО: **доно–доно** *суз.* сулап – сулап жыгылуу; *эпкинине алтымыш карагай доно–доно.*

ДОҢГО *чүй.* малдын туягына катып уюп калган топурак, муз, балчык; *доңго туруп калыптыр, аттын туйагынан алып сал.*

ДОҢГУЗ *батк.* доңуз *түнд.*; *жер ээн болсо, доңгуз дөвөгө чыгат* (мак.).

ДОҢК: **доңк этти** *ыск.* корс этти; *айда, тарт! – деп, кол көтөрүп доңк этти.*

ДОҢКЕЙ *атб.* домпой; *доңкей, чүкө, сака бар.*

ДОҢКОЙ *ыск., чүй.* эби – сыны жок, сөөк башы чыгып туруу; *доңкойуп көзгө жаман көрүнөт.*

ДОҢКОГОЙ *ыск., чүй.* доңкойгон адам; *доңкогой адам экен бери басты.*

ДОҢКОЙМАТ *ыск., чүй.* доңкоюп жүргөн адам; *доңкойматка айтып койчу.*

ДОҢКУ *жжол.* мөңкү; *ат доңкуп кетип жыгылып кылдым.*

ДОҢКУЛДАК *өзг.* ичи жумшак куурайдын бир түрү; *доңкулдак куурайдан терип келве* (бул өсүмдүк көбүнчө булактын көзүнө чыгат).

ДОҢКУЛЧАК *жжол.* мөңкүй берме адаты бар жылкы; «*учук–учук, учукту аткарбаган бучук*» (учук салганда сый көрсөтпөй койсо айтыла турган сөз) *деп атын чапты эле, аты доңкулчак экен доңкуп кетти.*

ДОҢҢУЗ *батк. к.* доңгуз; *доңңуз келип, сазды айдагандай кылыптыр.*

ДОҢУЗАК *өзг. к.* доңуз баш.

ДОҢШУ *ыск.* дүңгүрө; *кечки күүгүмдө доңшуп үнү катуу чыгат.*

ДОҢШУУ *акт.* апыртып айтылган кеп; *ал жөнүндө айыл ичинде доңшуулар көп.*

ДОО *жжол.* товардын бир түрү; *долоно бешик өңөрүп, доо элечек суй таштап.*

ДООДУРА *пам.* баш айлануу, баш тегеренүү; *басалбай башым доодурайт.*

ДООК *жерг. к.* док; *гүп челекке доок тартышат.*

ДООЛ I *өзг.* добул, катуу шамал; *доол болуп жалбырактар учуп түштү.*

ДООЛ II *өзг.* төөнүн териси менен капталган, тегереги болот темир менен алкаталган добулбас.

ДООЛАЙ *ал.* чүкө атуучу домпой; *доолай атылган жерлер казылып кетти.*

ДООЛАН *пам.* мылтыктын затвору; *мылтыктын дооланын тазалайын.*

ДООЛБАС *чүй. к.* доол.

ДООЛДАЙ *кочк.* төөнүн жүнүнөн согулган таар чепкен.

ДООР *ош.* күзөт, сакчылык; *доорго калтырылгандар да кирип келишти.*

ДООРУК *чүй.* 1. доомат; *бул доорук борборго дайын болду*; 2. *лейл., батк.* апыртмалуу уу – дуу, чуу.

ДООРУКТА *батк.* апыртмала; *дооруктап әйткән экен.*

ДООРУКТАР *лейл.* доорук кылып чуу көтөрүү; *төрт сом бервей койду деп дооруктуруп жүгөрдү.*

ДООРУМА *батк.* дөөрүмө.

ДООТАЙ *ыск., эск.* илгери Синьцзян тараптагы округдук начальник, губернатор; *билвейм, айтор, доотай жана шээтай дегендерин укчувуз.*

ДОПОЙ *кочк.* эликтин чаарчыгы; *эликтин допойу таноосун дерденгдетет.*

ДОПСО *тяньш. к.* топсо; *допсо кайда?* (сал. ашык II, айлампаз, бүгүлмө, турум).

ДОПУ *түшт., тал.* топу; *допуга буудай салып сепкен* (илгери буудайды топуга, калпакка, табакка өлчөп себишкен); *төрт пулдук зикириң жок, он пулдук допуну жырттың* (мак.); **допусуну ал десе, кәлләсини алат** *жерг.* бөрк ал десе, баш алат (мак.); **әнжийән допу** көбүнчө Анжиян тарапта өзүнчө түр салынып жасалган топу; **бакмал допу** көк, кызыл баркыт менен таштанган топу; **калемпир допу** жээгине калемпирдин элеси түшүрүлүп саймаланган топу; **нәзик допу** *батк.* майда ак мончок өткөрүп, гүлдөп тигилген топу; **нәмәнгән топу** өзүнчө түр салынып саймаланган ала топу; **чуст допу** *батк.* саймалары төрт бурч келген кооз топунун бир түрү (бул допу Өзбкстандын Чуст деген жеринде көп жасалып, кымбат бааланат); *чуст допу сегиз – он сомдон болот;* **шуру допу** шуру бастырылып жасалган кооз топу (кээде ал «гәзик допу» деп да аталат); **допу ыргытмай** *суз.* балдардын ойнунун бир түрү (мында топуну ыргытып, бир нерсе менен уруп ойношот); **килем допу** *суз.* топунун бир түрү; **түз допу** топунун бир түрү; **ак пәри допу** топунун түрү.

ДОПУЙА *жжол.* топу.

ДОРВО *тал.* 1. саймаланып жасалган кичинекей баштык; 2. *ыск.* кичинекей кооз капча.

ДОРВОЙТ *түшт.* шишитип жиберүү; *аарылар чыгып ызылдап, кулагын чагып дорвойтту.*

ДОРВОЛ *батк.* өңү – түсү ормойгон адам; *кәттә дорвол күйөw баласы бар* (кээде «бекәлпәт, хуник» деп да аталат).

ДОРВОЛО *тяньш.* эгин, топурак, таш сыяктуу нерселерди үймөлөө.

ДОРВОЛОҢ *атб. терг.* капсалаң; *Капсалаң деген атты дорволоң деп тергешчү.*

ДОРГО *пам.* илгери Синьцзян – дагы администартивдик чин; *эки дорго жол жүрөт, чаң чыгарбай, эки бөрү бир койду жейт кан чыгарбай* (таб. ай, күн; азрейил, жебрейил: адам).

ДОРГУ *өзг.* өсүмдүктүн аты; *биз доргуга барып келдик.*

ДОРДОЙМАТ *ыск., чүй.* дордоюп жүргөн адам; *дордойматты билбей калдым, кайда кеткенин.*

ДОРДОК *ичк.* 1. дордогой; *дордок эрин*; 2. *өзг.* бүркүттүн бир түрү (анын; кара дордок, эмил дордок, деген уруусу болот. Эмил дордок деген бүркүттүн тумшугунун үстү кайкы келип, буудайдай тоголок белгиси болот. Буту кыска, өңү купкуу келет).

ДОРДОР *өзг.* токту сурамай ойнунда утулган жактын оюн башчысы.

ДОРУ *жерг.* дарбы; *ат доруса, эшек да кошо доруйт* (мак.).

ДОС I: атала дос *батк.* жарма дос; *атала дос карашпай эм кетип калат* (Ысык – Көл, Чүйдө «жарма дос» деп аталат); **жәнәжән дос** *батк.* айрылгыс дос; *өкөwдү жәнәжән дос кылат* («жәнәжән дос» болгондо патыр нанды ысык бойдон эки баланын көкүрөгүнө коюп, кучакташтырып достоштурат да, анан экөөнө бөлүп жедирет); **катын дос** *зам.* бирөөнүн аялына кызыгып дос болгон адам; *катын дос беде, же жан дос беде?* (жергиликтүү эл досту; жан дос, мал дос, катын дос деп үч түргө бөлөт); **кокон дос** *ош.* жарма дос; *кокон досуна барып келген.*

ДОС II *жерг.* орок; *эй ахы ки менин досум сынып калды.*

ДОСЖАН *түшт.* достордун бир – бирин урматтоо иретинде кайрылуусу; *досжан, суукка үшүвөдүңбү?*

ДОСТ *жжол.* дос; *жамандын досту көп, пыйастын посту көп* (мак.).

ДОСУН *түшт. к.* торсун.

ДӨW I *жерг.* дөө; *дөw гарыпты урат, гарып жолдо турат* (мак.).

ДӨW II *ичк., чатк., тал.,* дөө; *ак дөwдүн айалы багат.*

ДӨWКӘЛЛӘ *батк.* ала дуңган (канаттуунун бир түрү); *дөwкәлләбу кайсы?*

ДӨWЧӘ *зам.* коро болуп калган мөмө; *дөwчәдән жесем тишим камап калыптыр.*

ДӨВӘ *өзг.* дөвө; *көң дөвә-дөвә болуп үйүлүп жатат.*

ДӨВДҮР *жжол., жерг.* дөөдүр; *ноктосу жок дөвдүр.*

ДӨWДҮРӨ *жерг.* дөөдүрө; *дөwдүрөвөй жүр.*

ДӨВКӘР *батк.* бирди алып экиге саткан адам; *дөвкәр адам.*

ДӨВКӘРЧИЛИК *батк.* алып сатуучулук кесиби; *ол туулгандан бери дөвкәрчилик кылат.*

ДӨВЛӘТ *пам., өзг.* дөөлөт, ырыс, бак, таалай; *шамал жерди кургатат, дөвләт эрди жыргатат* (мак.); *артык дөвләт баш жарвайт* (мак.); **тәжи дөвләт** *чатк.* тубаса бактылуулук; *тәжи дөвләт жар гелет.*

ДӨВЛӨТ *жерг. к.* давлэт; *жаманга дөвлөт жар болсо көтөрө әлвәй мас болот* (мак.).

ДӨВӨ I *акт., тторо.* камгак (өсүмдүктүн аты); **тогуз дөвө** *пам.* 1. өсүмдүктүн аты; 2. ушул өсүмдүктүн силуэтин берген орнамент; *бу кештени тогуз дөвө дейт* (тогуз дөвө саймасы көбүнчө чачыкка, курга, бел курчоого салынат); 3. эриши тогуз жиптен токулган таар.

ДӨВӨ II: **ак дөвө** *тяньш.* 1. Тянь – Шань тарапта жашаган моңолдор тобунун илгерки урааны; 2. *баткч.* тууралган эттин үстүнө кесилип коюлган куйрук май (азыр бул жөрөлгө жоюлуп кеткен); *бурунку вакта гөштөн ак дөвө деп жасачу;* **как дөвө** *пам.* кар турбаган, дайыма кара болуп, кургак турган дөбө, дөң; *карал кылган как дөвөгө чык* (кээде ал «как дөң» деп да аталат); **көк дөвө** *батк.* жалаң кара кесектен үймөлөнүп тууралган эт (илгери, 1917 – ж. алда канча мурда Зардалы тарапта эт нарындалып тууралып «кара дөвө, ак дөвө» деп аталап, кийин эт тууроо жөрөлгөсү жоюлуп кеткендиги эскерилет); **тогуз дөвө** *ичк.* 1. өсүмдүктүн аты (ичке сабагы бар, чачырап өскөн, мала гүлдүү өсүмдүк); 2. сайма, түрдүн аты; *тогуз дөвө, кәл кайкалак, кочкорок дейт;* **чеш дөвө** *зам.* кырмандын ортосуна тазаланып үйүлүп, тегереги чийин менен сызылып коюлган кызыл дан; *эгиндин чеш дөвө кылып үйүм кылат.*

ДӨВӨРДӨС *жжол.* далдайган

дөөпөрөс чоң адам; *дөвөрдөс айалдын сүрүнөн айыгат* (илгери Жаңы – Жол тарапта күрөшкө аялдар да чыккан).

ДӨВӨЧҮН *чүй.* дөбөчө.

ДӨВҮР *зам.* доор; *жигит да кетмек дөвүр деп.*

ДӨВҮТ *зам.* устачылыктын пири (түндүк говорлордо «Дөөт» деп аталат).

ДӨГ *батк.* дөө; *дөгдөй болуп даңкайган неме.*

ДӨГДӨ *жжол.* дегде; *дөгдөп жүзү жаркырайт.*

ДӨДӨВӨЙ *түшт.* дөдөй.

ДӨЙ: **дөй-дөй** *батк.* баланы отургузуп бүткөндөн кийин уста тарабынан баланы сооротуу үчүн айтылган сырдык сөз; *уста дөй-дөй деп кыйкырат* (уста «дөй – дөй» деп кыйкырганда калгандары да аны туурап калышат, ошондо энеси, же чоң энеси тыйын чачат).

ДӨКӨЙ *ыск.* чыгаан мыкчегер, лөк; *дөкөйлөрү жазган.*

ДӨКТҮП *тыньш.* үйүлүп, чогулуп; *дөктүп эл чогулуп калыптыр.*

ДӨКҮЙ *атб.* лөкүй; *алдыбыздан дөкүйгөн каман текирең урду.*

ДӨКЧӨ *суз.* мал байлай турган кыска жип; *сыйырды алып келчи дөкчө менен байлайын.*

ДӨВӨЛЖҮН *тал. к.* дөрвөлжүн.

ДӨЛВӨЛӨҢ *түшт.* кең түз талаа.

ДӨЛДӨЛ *батк.* шуңшугуй; *дөлдөл баш.*

ДӨЛДҮР *өзг.* келесоо; *дөлдүр адамдан эмне чыгат.*

ДӨЛӨН *өзг. к.* 1. дөнөн; *көк дөлөн минип жоо кууган;* 2. ирик, төгөрөк; *Бакайдын малы жалаң эле дөлөн экен.*

ДӨЛӨРГҮСӨН *ыск.* дөөгүрсүк; *оо, дөлөргүсөн байкуш десе.*

ДӨМБӨЛ *тоң.* дөңчө жер.

ДӨМБӨЛӨК *ал.* көчүккө коюп отуруу үчүн жасалган тегерек дөңгөч; *дөмбөлөктү алып кел, бир аз эс алып отурайын.*

ДӨМБҮР *батк.* мөндүр; *тоwдун бир жагыга кар жаайт, бир жагыга дөмбүр жаайт* (таб. пахтанын кебези, чигити).

ДӨМӨ *жерг.* топ элди башкарган адам; *мен дөмөсү эдем.*

ДӨМПӨК *батк.* жыгач өсүмдүктөрүнүн чор болуп калган жери; *ол өрүктүн дөмпөгү.*

ДӨМӨР *өзг.* дүмүр; *дөмөрдү каз.*

ДӨМҮРӨЙ *жерг.* бултуй; *колу чыгып кетсе дөмүрөйүп калат.*

ДӨНӨ: **дөнө тавак** *ыск.* чоң, жайык, түбү тегиз, тегерек табак; *мындай дөнө тавак кайда дейсиң.*

ДӨНӨЖҮН *зам.* бышты; *дөнөжүн бийе курч кымыз.*

ДӨНӨН *суз.* 1. төрт тиш соолук кой (дөнөн деген сөз ар жерде койдун ар кыл жашын туюндурат. Алсак: Чүйдө – 6 жаш, Ошто – 4 жаш, Таласта – 5 жаш. Ошто дөнөн – эркек койду, дөнөн соолук – ургаачы койду билдирет); 2. *батк.* бышты чыкма; *кулук, тай, кунан, дөнөн, ат бар;* **көк дөнөн** *чүй, жерг.* кийиктин майлуу сорпосуна муздак суу аралаштырылган тамак; *көкдөнөндү суу аралаштырып ичет.*

ДӨН *жжол.* унаага дөбө өңдөнтүп артылган отун; *отунду дөң артыпсың;* **ала дөң** *тоң.* 1. бозомук тарткан айлуу түн; *ушундай ала дөң айлуу түндө чыкканбыз;* 2. *ыск., тыньш.* кымыз же айран кошулган сорпо; кара дөң сорпого жылымык же муздак суу кошуп ичүү; *бизде ала дөң, кара дөң, ак серке дегендер болот;* **боз дөң** *чүй к.* кара дөң; *шорпого суу кошуп ичсе, боз дөң болот.*

ДӨҢГӨК *батк.* 1. жыгачтын дүмүрү; *күн ыстык эди дөңгөккө отура калдым;* 2. *батк.* чоркеленип кесилген отун; *дөңгөктөрдү жыйып кәттә от жакты.*

ДӨҢГӨКШҮ *тал.* өркөчтөнүү; *сайдагы суу дөңгөкшүп агат.*

ДӨҢГӨЛӨК *лейл., атб.* 1. дөңгөч; 2. *түнд.* араба, машина ж.б. кылдыреги.

ДӨҢГӨЦ *баткч.* дөңгөч; *дөңгөцтү бир акыл, бир акмак жарат* (мак.).

ДӨҢГҮ *пам.* илгери калмактар – дын урушка киргендеги урааны.

ДӨҢГҮЛ *к.* аңгыл.

ДӨҢГҮЛӨ *пам.* «дөңгү – дөңгү» деп кыйкырып ураан чакыруу; *дөңгүлөп ураан чакырды.*

ДӨҢГҮР *чүй.* дөңсө.

ДӨҢКӨ *жжол.* кургатылган тамекинин топ – топ болуп илинип коюлганы (Талас жакта «түлкү» деп аталат); *дөңкөлөрдү ичкери киргизип кой.*

ДӨҢКӨГӨЙ *ыск., чүй.* дөңкөйгөн адам; *дөңкөгөй киши экен деп койот.*

ДӨҢКҮЛДӨК *ичк.* 1. үзүлүп – үзүлүп чыккан жоон үн; 2. өйдө – төмөн иретсиз иш кылган, же сүйлөгөн адам; 3. жердин аты; 4. *өзг.* ичи жумшак куурайдын бир түрү; *дөңкүлдөктү аралай басты*; 5. *пам.* айчачы өсүмдүгүнүн өзөгү.

ДӨҢКӨЧ *лейл.* дөңгөч; *палта көтөргүчө дөңкөч дем алат* (мак.); **дөңкөч жарды** *пам.* канувазир ойнунда «ууруну» отурган жерге кайра таштап жиберүү жазасы.

ДӨҢМӘЛӘ *базк.* уруунун аты; *дөңмәлә менен таз кыпчак чоң багышка кирет.*

ДӨӨ *батк.* капкандын жаагын кысып тура турган деталы; *түлкү капканда бир дөө, бөөрү капканда эки дөө болот;* **карач дөө** *кочк.* комуз күүсүн бир түрү (бул күүнү Калык Акиев черткен деп эсептешет).

ДӨӨДӘНӘС *пам.* кирди – чыкты эси бар адам; *кой, бәчә, сөз укпаган дөөдәнәс экенсиң.*

ДӨӨЛӨТ: **ак дөөлөт** *өзг.* ак дулдул; *ак жоолук менен баш бууган, ак дөлөөт минип жоо кууган* (сал. көк дөөлөт); **көк дөөлөт** *өзг.* боз күрөң, ак кызыл буудан; *көк дөөлөт минип жоо кууган.*

ДӨӨМӨТ *тяньш., тоң, тал.* ирет, кезек; *тегирменден дөөмөт күттү.*

ДӨӨНӨН *сок.* соолук (кой).

ДӨӨПАР *ноок.* жинди чалыш.

ДӨӨПАРЛЫК *ноок.* жинди чалыштык; *онун дөөпарлыгын эми билдиңби?*

ДӨӨПӘРӘЗ *батк.* дөөпөрөз; *тетиги бала бир аз дөөпәрәздәй го, Асан?*

ДӨӨРҮПЕЙЛИК *өзг.* дөөрүгөндүк; *айтканы чындыкка жакындашпаган дөөрүпейлик.*

ДӨР *тал.* 1. майлык; 2. *суз.* керме жип.

ДӨРВӨЛЖҮН *тал.* 1. шырдактын бир түрү (сал. тув. дербелчин «квадратный»); 2. *тяньш.* жердин аты.

ДӨРВӨЛЖҮР *тал. к.* дөрвөлжүн.

ДӨРВӨҢ *түшт.* уруунун аты; *дөрвөн, тыргоот, оронкой деген аттарды уккан элем.*

ДӨРГӨЙ *жжол.* көңүл; *өз дөргөйүндө сактаса болду.*

ДӨРДӨК *батк.* дордок; *илеви дөрдөк.*

ДӨРМӨНЧӨ *батк.* ичке, шиш көчүк; *дөрмөнчө көчүк, дөлдөл баш, шиверге тумшук, шиш айак.*

ДӨРӨ I *ичк.* алым сабак айтышуу (Памирде жайылган элдик оозеки чыгармачылыктын бир түрү).

ДӨРӨ II *тал.* кол менен согулган эски таардан жасалган майлык; *айыпты төлөвөсө дөрө менен урат.*

ДӨРҮ *ыск.* күнөөлүү адамды жазалоо үчүн өрүлгөн камчынын бир түрү; *дөрө уруп, балак алчу экен* (Текес тарапта).

ДӨС I *баткч.* төш; *аг дөс итиң тос* (сал. каз. төс).

ДӨС II *баткч.* ашык болуп, кумарланткан адам; *ой, дөс, бойуңдан кетейин.*

ДӨШ *пам., жерг., зам.* 1. төш; *кичине гана чиләтир дөштөн отун гулатыр* (таб. устара); 2. дөшү; *дөшкө койуп чап.*

ДӨШКӨ *жерг., батк.* картошка; *дөшкөсү йүдә йәм болуптур.*

ДӨШТҮК *лейл., пам.* 1. керчөө; *дөштүктү куйкалап пышырат*; 2. *зам.* дөшү.

ДУW I *батк.* го; *зире өсөт дуw, узак towдо.*

ДУW II *пам.*, дуу; гэп бар, бука – буwга, ирик дуwга, карк болуп көвү жүрөт ызы – чуwга (мак.); **ДҮW–ДҮW** *алб.* үн тууранды сөз; *чикит ойнунда жеңилгенди «әләм–әләм дүw–дуw» кылат.*

ДУWНА *жерг.* такмаза; *талп–талп баскан дуwна экен.*

ДУWНАЛЫК *жерг.* такмазалык; *сен неге мунчалык дуwналык кыласың.*

ДУWРАМЧЫ *жерг.* бирөөнүн кылык – жоругун, мүнөзүн, тилин туураганга маш адам; *сен не дуwрамчывысың дуwрап эле турасың?!*

ДУWУ *батк.* кекиликти учурууга карата колдонулуучук сырдык сөз; *дуwу–дуwу, кекилик учпайт ко*!

ДУWУЛДА *жерг.* дуулда; *дуwулдаган киши.*

ДУWШАР *пам.* дуушар; *ноwмартка жолдош болво, жаманга дуwшар болво* (мак.).

ДУВА *лейл.* 1. салам; **дува де** салам айт; *дувада болсун!* (бирөөнүн саламын бирөөдөн уккандан кийин бар болсун, саламатта болсун деген жооп сөз); 2. *батк.* бата; *кур айакка дува жүрвейт;* **кара дува** адамга билгизбей дуба салуу (мында дубалаган адамга билгизбей кыл, тырмак, жез ж.б. берилет имиш); *кара дува ичирген турвайбы.*

ДУВАЗГЕР *түшт.* дубакөй; *Абдыкахар деген дувазгер жашайт.*

ДУВАКАН *жерг.* 1. дубанын сөзү, окуусу (сал. таж. дува+хон хондан «оку»); 2. кудайга арыз муң айтып, жалынып, динге берилген киши.

ДУВАЛ: гәрт дувал *өзг.* урма, сокмо бийик дубал; **гулук дувал** *жерг.* эски урандылардын ири – ири кесектеринен тургузулган дубал; *ожураны гулук дувал кылып чыктык;* **зәр дувал** *батк.* үйдүн үстү жабыларда чабактардын арасына урулган дубал; *зәр дувалын уруп бүттүм, эми жабыш калды;* **калаа дувал** үйгө туташ салынып, арык – торук мал же төл байлап коё турган малкана; *торпок бәйләгәнгә калаа дувал кылышкан;* **кесек дувал** кесек, голек топурак менен согулган дубал; *ашарга келгендер үйдүн кесек дувалын бүтүрдү;* **коргон дувал** *батк.* үй – короону айланта салган дубал; *коргон дувал кылат;* **күвәләк дувал** кесек дубал; *күвәләк дувалдан там кылдык;* **саймалуw дувал** бетине гүл түшүрүлгөн үйдүн ички бети; *саймалуw дувалга гилем кагып койду;* **сынч дувал** керегесине каршы – терши жыгач коюлуп, анын арасына кесек урулуп согулган дубал; *биз үйдү сынч дувал кылдык;* **туура дувал** *баткч.* илгери ылайлап, таш тизилип салынган үйлөрдүн кире бериш жериндеги дубал; **хәвли дувал** *пам.* бийик коргону бар короо; *чарвак дувал кылып алат;* **чечен дувал** *батк.* эки жанына тактай коюлуп, бош топурактан урулган дубал; *чечен дувалды бир сомдон урат;* **дувал жыгылса ичиге жыгылсын** ◊ *батк.* чыгым болсо да өзүбүзгө кетсин.

ДУВАЛКӘШ *жерг.* дувалчы.

ДУВАЛЧЫ *түшт.* пахса там салууга уста киши.

ДУВАН I *ккырг. к.* даван.

ДУВАН II *жерг.* оюндун аты (балдар бештен бөлүнүп, жаңгакты жерге тизип атып ойношот).

ДУВАНА *жерг. өтм.* ойноок, туруксуз, жинди; **бәңги дувана** *жерг.* меңдумана; *бәңги дувана ак гүл ачат.*

ДУВАНБЕК *жерг.* 1. Каратегинде бир дубанды башкарууга берилген административдик титул (бул наамды Бухара хандыгы берген. Мындай наамга жергиликтүү сыпайылардан, же жер ээлеринен чыккан эзүүчү таптын өкүлү гана ээ боло алган. Дуванбектер караж, зекет ж.б. салыктардын жыйылышы өндүү иштерге контролдук кылган); 2. *зам.* аш – тойлордо элди башкарган адам; *бир киши дуванбеги болуп әйтип турат.*

ДУВАРА *зам.* Козукул, Козубек деген өндүү аттарды тергегенде колдонулуучу сөз.

ДУВАТ *пам.* сыя челек; *алтын калам жез дуват, ак кагазга кара кат.*

ДУВӘРГӘ *жерг.* тамбур менен чертилүүчү сүйүү темасындагы күүнүн аты.

ДУВДАК *пам.* чокунун кылда учу; *чокунун башыны ичкиликтерде дувдак дейт.*

ДУГАВА *зам.* 1. эки суу; 2. жердин аты (таж. «ду» «эки» + оби «суулуу»); 3. эки суунун кошулган чат жери.

ДУГӘӘНӘ *жерг.* кыздардын өз ара достугу.

ДУГДУГУЙ *ыск., чүй.* дугдуюп жүргөн киши; *дугдугуй адам экен деп койот.*

ДУГДУЙМАТ *ыск., чүй.* дугдуйган киши; *дугдуймат деп уктум эле.*

ДУДАЛА *жжол.* уйгу – туйгу; *дудала болуп жатканда киши келип калды.*

ДУДАЛАК *түшт.* балдыр; *тилин чайнап сүйлөгөн адам.*

ДУДАЛАКТАВА *түшт.* балдыраба; *ой, сен, дудалактавачы?*!

ДУДАЛАН *ош.* туттук; *оова–оова, чын сөзүвүз деп дудаланып калды.*

ДУДАЛАН *түшт.* ачууланып, улунуп – жулкунуу; *рахмат, силерге деп жыпар дудаланды.*

ДУДАРАЗ *батк.* даңаза; *тойдун дударазы кәттә болду.*

ДУК *батк.* балдардын ойнунун бир түрү; *дук ойнунда муш кылган баланы тава алвасам жата берем* (бир бала көмкөрөсүнөн жатат да, калган балдар аны аркасынан муштайт. Мушташкан бала дүк калган баланы табат, таба албаса, кайра жатат).

ДУКАВА *атб., ттороо., кетм.* тукава.

ДҮКЕН *тал.* дүкөн, магазин; *дүкенде мата оголе көп.*

ДУКТАМАЛ, ДУУДАМАЛ *тал., ал.* түкшүмөл; *дуудамал болуп турам.*

ДУКТУР *өзг.* доктор; *Төтөн сәәр дуктуруна кеткен бейм.*

ДУКУМ *пам.* мүйүздүн түбү; *дукумуну кошо чап, бача!*

ДУЛАЙ *түнд.* куш, бүркүттүн бутуна байланган чолок боонун кысып, жеп жиберишинен улам пайда болгон жара, же шишик.

ДУЛАЙДАЙ *түшт.* көпчөк; *путу дулайдай болуп ишип чыкты.*

ДУЛАС *пам., лейл.* кийимди түзүктөп кие албаган, турмушун өйдөлөтүп кете албаган, жыйган – тергенин баш – аягы жок чачкан мажүрөө адам; *кийимди кийе алваган бир дулас неме экен.*

ДУЛДУЙМАТ *ыск., чүй.* дулдуюп жүргөн киши; *эми бирөөнү жаман көргөндө дулдуймат дейт да.*

ДУЛДУЙУҢКУ *чүй.* дулдугуюраак нерсе; *камыр дулдуйуңку жайылып калыптыр.*

ДУЛУП *сок.* тулуп.

ДУМАЛА *тяньш.* эки атар мылтык (сал. таж. ду «и» ала «ылтык»)

ДУМАЛАК *батк.* томолок.

ДУМБАК *өзг.* көчүккө тизе менен тээп ойноо.

ДУМБАЛАКТА *тяньш.* томолотуп жумалатуу; *думбалактап жатты.*

ДУМПУГУЙ *ыск., чүй.* ичим тап киши; *думпугуй кызды билбей атам.*

ДУМПУК *тоң.* башы томолок, думурайып келген козу, кой; *думпук койдун козусу.*

ДУМУК *жерг., лейл.* 1. кыска, чолок; *куйругу думук*; 2. көп – сөзгө жок чоркок адам; 3. сырын ичине каткан киши; 4. *лейл.* учу өтпөгөн мулук казык; *думдук казык өтпөдү.*

ДУҢГУЛ *тал.* ичкен тамагынан башка менен иши жок адам; *дуңгулдун ичкен тамагы, жаткан ордуна кайыл.*

ДУҢУРАЙ *батк.* дүмүрөй; *дуңурайган киши келе жатат.*

ДУҢЧУ *кашк.* котормочу; *эки жерде дуңчу бар.*

ДУРА *ичк.* 1. *к.* дүрө; *мен аны дура менен беш марта урдум*; 2. селделик ак кездеме; **дура–вара** *батк.* өйдө – төмөн; *дура–вара кага берве.*

ДУРАДАСТ *жерг.* титулдун аты (дурадаст болгон адам жаза тарткан кишини, райистин буйругу боюнча, эшилген жоолук, же башка нерсе менен токмоктогон).

ДУРАДГӘР *жерг.* жыгач уста.

ДУРАДГӘРЧИ *жерг.* жыгач устачылыгы бар адам (мындай кесиби бар адам жыгаччылык, ээр жасоочулук, боз үйдүн эмерегин даярдоочулук, челекчилик, кашыкчылык, кесечилик иштерин жүргүзгөн).

ДУРДУҢДА *батк.* бурбуңда; *дурдуңдавай жөн жүр.*

ДУРУЛДУК *батк. к.* дүрүлдөк; *дурулдук, бүргүт, калдагач, жылвыс болот.*

ДУТ *жерг.* түтүн; *үйдү дут басып кетиптир.*

ДУТАР *жерг.* эки кылдуу музыкалык инструмент (сал. таж. ду «эки» + тор «кыл, струна») *бириң–дутар, бириң–кыл.*

ДУУ I (дуувв, туупп, тырр) *ыск.* сырдык сөз (арабага чегилген атты токтотуу); *дуу деген үн чыкты.*

ДУУ II: **дуу басар** *түнд.* комуз күүсүнүн аты; **улуу дуу** *ыск.* той ашта өткөрүлгөн чоң таң – тамаша, оюн – зоок; *Муранын ашында улуу дууга батышкан.*

ДУУДАМАЛДАТ *ал., тал.* түкшүмөлдөт; *дуудамалдатып салды.*

ДУУДАМАН *түнд.* түкшүмөлдүк, бүшүркөгөндүк.

ДУУДАРДАЙ *чүй.* коюу, калың катуу чач; *узун бойлуу, чап жаак, чачы дуудардай.*

ДУУДУ *түнд.* генерал (*кытай тилинен кирген сөз*).

ДУУДУН *ыск.* жибек товардын бир түрү (Кытай тарапта жашаган кыргыздарда айтылат).

ДУУРА *лейл.* туура *(ор, подражать).*

ДУХТУРЧӘӘК *жерг.* жаш врач; *шәймәрдән духтурчәәк болуп иштейт.*

ДУШМАЛДА *суз.* боолголо; *душмалдап эле айта берет.*

ДҮБӘКИ *өзг.* какбаш.

ДҮВ: **дүв–дүв** *жжол., эск.* дарымдоодо түкүрүү жолу; *дүв–дүв, дүв–дүв тула бойдон калбай чык.*

ДҮВАРА *түнд.* 1. эки арада калган нерсе; *же кыргыз эмес, же дуңган эмес, дүвара болуп кереги эмне?*; 2. *батк.* кыш туума төл; *эрте бээр тувулган дүвара козу.*

ДҮВҮЛ *тяньш. к.* дүвүн; *дүвүр–дүвүр төртөө, дүвүл ала бешөө* (таб. төөнүн төрт таманы, куйругу).

ДҮВҮН: **дүвүнала** *суз., терг.* жылкынын куйругу; *дүвүр–дүвүр төртөө, дүвүнала бешөө* (таб. жылкынын төрт бутту жана куйругу).

ДҮВҮРКАН *чүй.* дүбүр – дүбүр этип үн чыгарган жан.

ДҮГӘНӘ *жерг.* кыз – келиндердин өз ара достугу; *дүгәнәмә барам.*

ДҮГҮНӨ *түшт.* ийнеден өткөрүлгөн жиптин учу.

ДҮГҮР *ош.* кобур – собур; *олорду тыңшасам дүгүр-дүгүр.*

ДҮДӘ *чатк.* марли; *бешикти дүдә жаап койсо болову.*

ДҮДӨ *пам.* жука, шалаң, үлбүрөк; *дүдө жоолук.*

ДҮЙЛӨШ *пам.* мелдеш; *анделек жесек дүйлөшүп, айылда жүрсөк сүйлөшүп.*

ДҮЙНӨ: **сен дүйнө** *жжол.* ыр – күүнүн аты; «*сен дүйнө*» *деп чертти* (бул ыр – күүнүн тексти төмөнкүдөй:

Сен – сен дүйнө, сен дүйнө,
Кубуласың күнүгө.
Бөдөнөнү кыргыйга,
Жем жараткан, сен дүйнө.
Эки эгиздин бүрөмүн,
Кем жараткан, сен дүйнө.
Бак кондуруп башына,
Зор жараткан бүрөмүн.
Кол куушуртуп кашына,
Кор жаратып бүрөмүн.
Сен – сен дүйнө, сен дүйнө,
Ким жеткен сенин түбүнө.
Жарыктыкты көргөзгөн,
Ууз сүтүн эмизген.
Алтын бешик терметкен,
Апам кайда, сен дүйнө?
Аттын атын үйрөткөн,
Атам кайда, сен дүйнө?
Күлүк минип зуулаткан,
Күндө сыйга куунаткан.
Бапам кайда, сен дүйнө?
Сен – сен дүйнө, сен дүйнө,
Кимге бапа кылгансың?!
«Пайгамбарды»алгансың,
«Падышаны» алгансың.
Кызыл өндөн аздырган.
Бүтүнүңдөн тоздурган,
Каран күн өзүң балбансың,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Атаны арман дүйнө бок,
Капилет түштөй жалгансың).

ДҮК I *ыск.* 1. чүкө ойнунда бирдей чиге, бирдей бөгө же таа болуп утпай калышы; *дүк болуп келбей калды* (сал. андөк); 2. *лейл.* чарыктын ийиги; 3. бүкүр; *ол киши дүк экен.*

ДҮК II *зам.* кандайдыр бир сырттан чыккан табыш; *дүүр-дүүр дүк келет, эшикти кара ким келет, мамадийар кан келет, камчысынан кан таамп келет* (таб. бөрү).

ДҮК III *батк.* 1. жайранын найзасы; *жайранын дүгү түшүптүр*; 2. түк; *дүгү ала-була.*

ДҮК IV *батк.* эгиндин богок алганы; *эгин дүк алыптыр.*

ДҮК V *пам.* бүкүр; *сери дүк эчки багат экен.*

ДҮКӘК *батк.* эти жок катып калган мөмө; *өрүктүн дүкәгин башка каптадык.*

ДҮКӘН *өзг.* килем согууда колдонулган турубаны түртүп туруучу жан жыгач (сал. аштама).

ДҮКӘРТ, ДҮКӘТ *батк. к.* дүкөрт.

ДҮККӘ: әклә-дүккә *баткч.* ары – бери учуп – күйгөндүк; *тоw башыдан әккә-дүккә болуп жүрүп, гада алып келдим.*

ДҮКӨК *лейл.* буурчак өсүмдүктөрүнүн кабыгы; *дүкөгү барбы?*

ДҮКӨН I *суз.* 1. узуну беш жарым, туурасы эки метр келген жерге жайылган килем өрмөгү (күзүк, шерик, такта, токмок, кылыч, эриш, аркак, бакан, казык сыяктуу терминдердин жалпы аты. Бул ат – түндүктө «өрмөк» Баткенде (нойгут, наймандарда) «такта кылыч», Ноокатта (төөлөстөрдө) «таар, терме таар» кыпчактарда «абзал» деп ар түрдүүчө аталып келген); 2. *жерг.* дан куюучу кампанын бир түрү; *дүкөн жык арпа.*

ДҮКӨН II *батк.* уваса жасай

турган станок; *увәсәни дүкөн менен жасайт.*

ДҮКӨНЧИРИК *жжол.* товардын бир түрү; *бир дүкөнчирик чапанча жапты.*

ДҮКӨРТ *өзг.* тырмак, мурут ала турган кичине кайчы (сал. таж. «эки» + корд «бычак»); *дүкөртүң барвы жаныңда?*

ДҮКҮ I: дүкү–дүк *батк.* 1. чакмак таш ойнунун бир фазасы (мында оң колдун арты жерге дүк этип тийгизилет да, анан бирден таш ыргытылат, аны сол колдун артын дүк этип жерге тийгизип тосуп алат); 2. узун жыгачтын үстүнө он кыска чолок жыгач коюп, чачырата тээп ойногон оюндун аты.

ДҮКҮ II жады; *дүкүдө Өмүрзак иштейт.*

ДҮКҮДҮК *батк.* чакмак таш ойнунда таштарды бирден өйдө ыргытып, колду улам жерге уруп, анан ташты тозуп алуу фазасы; *дүкүдүктө таштарды бирден тутуп алат.*

ДҮКҮР *жерг.* доюкер; *о жерде дүкүр бар.*

ДҮКЧӨ *батк.* килемге түшүрүлгүн орнаменттин бир түрү; *дүкчө деген – сайманын аты* (сал. «үк» тажикче «ийик»).

ДҮЛҮЙ *ноок.* тултуй; *ичиңде кыңырыгың бар, болвосо дүлүйвөй бери отур.*

ДҮЛӨЙ I *атб., ыск.* чакмак таш ойнунда таштарды үн чыгарбай жыйноо фазасы.

ДҮЛӨЙ II *ноок.* тултуй; *дүлөйвөй нары тур.*

ДҮЛӨЙ III *түнд.* жүрөк менен эттин ортосундагы боз жалпак этче (жүрөктүн эки жагында болот, аны «арам» эт катары алып таштайт).

ДҮМ I *пам.* чүкө ойнунун бир түрү; *дүм ойноп утушат.*

ДҮМ II *батк.* дүпүйүп үп болуп жаткан токойдун ичи; *жашыл шак чүмкөнүп дүм түшөт.*

ДҮМ III *пам.* 1. чүкө ойнунун бир түрү (бирөө төргө чыгып, экинчиси атып, саканын учкан жерине чейин экинчиси көтөрүп ойноо ойну); *эки бала дүм ойноштулар;* 2. *батк.* эшкен жоолук; 3. малдын куйругу (кээ бир жерде «дүмбә, дүмбө» деп аталат); *экөөңүн әм дүмү чолток богон;* 4. мылтыктын кундагы; *мылтыктын дүмү менен койуп жиберет;* 5. нерсенин арт жагы; 6. сүр; *дүмү менен коркутат;* **дүм алмай** *пам.* көчүккө тээп ойноо; *ким уруп алса, шо дүм алмай баштайт;* **дүм тәштәмәй** *батк.* жоолук таштамай ойну; *дүм тәштәмәйдә дүм тәштәйт.*

ДҮМ IV *кочк.* дым чыгарбай калган нерсе, жандык; *тумуккан куштай дүм болду да калды.*

ДҮМБАЛА *жжол.* «чувай – чувай» ойнунда «эненин» аркасынан турган биринчи бала; *мен дүмбала болом.*

ДҮМБӘДҮРС, ДҮМБӨДҮРС *батк.* оюндун аты (мында топ балдардын ичинен бирөө «малай» болуп, калагандары жашынып, аларды «малай» издеп таап, тапса «ордого» чуркап келип «дүмбә – дүрс» деп кыйкырып, эгер андан мурда жашынган бала «ордого чуркап мурун айтса, жыдып калып, кайра «малай» болуп ойногон оюн); *жүргүлө, балдар, дүмбәдүрс ойнойлу* (бул сөз таж. дүм «куйрук» + ва «жана» + дүрс «чап, ур» деген сөзүнөн пайда болгон).

ДҮМБӘКИ *өзг.* 1. ишке жараксыз, арам тамак; *ай, дүмбәки экен;* 2. *өтм.* арам, шалтак (жаш балдарды эркелетүү маанисинде айтылат); *дүмбәки экенсиң әә;* 3. *пам., лейл.* саран; *дүкүйәнин түвүгө дүмбәки*

жетиптир (какшык сөз) сараң сарандыгынан байыган экен; 4. *пам.* какчандаган куу, митаам.

ДҮМБИ *пам.* бел.

ДҮМБӨК *зам.* кичирээк тоголок куйруктуу кой.

ДҮМБӨКҮ *лейл.* митаам, алдамчы; *ондой гәпти дүмбөкү кәмпир билет.*

ДҮМБҮЛ I *пам.* малдын куйругу; *котостун дүмбүлүдөн кармап турду.*

ДҮМБҮЛ II *батк.* эси азыраак бала; *әә, өл, дүмбүл, башыга урасыңбы?;* **кара дүмбүл** *чүй.* бирөөнү көкүтүп сүйлөгөн адам; *кара дүмбүлдүн бирөө келип айткан да;* **мәкә дүмбүл** *суз.* жүгөрүнүн дүмбүл болуп калган кези; **ормо дүмбүл** *атб.* оруп алууга жарап калган дүмбүл эгин; **сүрөт дүмбүл** *батк.* жүгөрүнүн дүмбүлгө жете элек сүт учуру; *биздин мәкә эми сүрөт дүмбүл болуптур.*

ДҮМБҮР *батк., тоң.* 1. дүмүр; *дүмбүр кесилгенден кийин калат;* 2. *суз.* өсүмдүктүн тамыры.

ДҮМБҮРАВА *лейл.* жүзүмдүн бир сорту.

ДҮМДҮW *батк.* куйруктуу; *узун дүмдүw бүргүт.*

ДҮМДҮЙ *ыск.* дүмпүй; *кавабы дүмдүйгөн неме экен.*

ДҮМКӘЛТӘ *ноок.* 1. чолок куйрук; 2. иттин кличкасы; *бә, дүмкәлтә, бә–бә!*

ДҮМКӘЛТӘК *жерг.* дүмпүлдөк (бул оюнду балдар топко бөлүнүп, ойношот. Бир баланы жерге төө чөккөндөй чөгөрүп, баланын эч жери көрүнбөгөндөй кылып үстүн чапан менен калың жабышат да, колуна узун эки же үч метр жипти карматып коёт. Ошол жиптин экинчи учу оюн башчысынын колунда болот. Жаткан бала үстүндөгү дүмпүлдөктү алдырбас үчүн айланып чуркап жүрө берет. Эгерде дүпүлдөктү алып калса, жапкан баланы туш тараптан сабап кирешет. Ошол мезгилде оюн балчы бир тээп койсо, тептирип койгон бала жатат. Экинчи командандын башчысы биринчи команданы эки жакка алаксытуу үчүн шашмала – шаш деп бакырып, чуркап келип, уруп кетишет).

ДҮМКӘМПИР *лейл.* муштумдай кичине кемпир; *куйругу кәттә дүмкәмпир, башы муштай шум кәмпир* (таб. наскавак к.).

ДҮМӨК *жумг.* бүлүк; *тоо койну жаңырып, улуу дүмөк салды.*

ДҮМӨЛӨ *жерг.* көмүү; *киңди дүмөлөп пышырат.*

ДҮМПӨК *зам.* балдардын ойнунда көчүккө тизе менен түрткүлөө жазасы; *лаппар ойнундагы бир жазаны дүмпөк дейт.*

ДҮМПҮГҮЙ *ыск., чүй.* дүмпүйгөн нерсе; *дүмпүгүй бак экен деп койот.*

ДҮМПҮЛДӨК: **кара койум дүмпүлдөк** *пам.* оюндун аты (бул оюнда балдар эки тарапка бөлүнүп, тегерек тартып аркалашып отурушат. Бир жагы коргонуучу, экинчи бир жагы чабуулчу болот. Беш метрдей жер айлана сызылат да, коргонуучу жактын ичинен бирөө чыгып, узун жип байланып, сызыкты айлана жүгүрүп, калгандарын коргоп турат. Чабуучулар чабуул койгондо беркилердин бирөөнүн кол – буту чабуулчуга тийсе, жеңиш ошолордуку болот. Чабуул коюп жаткандар «ала алсаң – алып кал, как баш; ала албасаң, ач бөрүдөй авалап калып кал, как баш» деп каргап, чуулдап турушат); **сарай дүмпүлдөк** *жжол.* жоолук таштамай оюндун бир түрү.

ДҮМҮ *жерг. к.* дүмбө; *дүмү боолуп кете берет эдек.*

ДҮМҮЛӨШ *пам.* байланыш, чиркеш; *дүмүлөшкөн әдәми катары кете верет эдем.*

ДҮНДҮР *кар.* жоро бозо ичкенде «Саламчы адамга «карайтма»

бергенде жазып калса, ага чоң идишке бозо куюп, ага майсалып, нан чылап жедирип түгөтүү жазасы; *бозо ичкенде карайтма, дүндүр деген жазасы болот.*

ДҮҢКӨ *пам.* уруунун аты (бул сөз кээ бир тектеш тилдерде «түн, кеч, иңир» деген мааниде кезигет. Памирде, оозеки уламага караганда бул уруу согушчул келип, ар качан түнкүсүн чабышкан экен); *дүңкөдөн Түмөнбай өткөн.*

ДҮНТ *батк.* түнт; *о киши дүнт.*

ДҮНҮЙӘДӘЙ *лейл.* өлчөөсүз; *дүнүйәдәй гәпти билесиң.*

ДҮНҮЙӨ: **чар дүнүйө** *лейл., зам.* өлүү – тирүү көп дүнүйө; *чар дүнүйө аманат.*

ДҮҢ I *жерг.* акылсыз, жоош, унчукпаган киши; *бир дүң адам экенки, хич нерсе кыганды билвейт* (сал. таж. дун. «эч нерсеге жараксыз»).

ДҮҢ II *атб.* балдардын ойнунун бир түрү;

ДҮҢБУЗАР *ыск.* эт желип бүткөндөн кийин берилүүчү арак жөрөлгөсү; *эт желгенден кийин дүңбузар деп жүздөн берди.*

ДҮҢГЕЛЕЙ *тяньш.* чоңке, чоюнке.

ДҮҢГЕЛЕК *жерг.* тоголонгон жан, адам, нерсе; *дүңк кәмпир, дүңгелек кәмпир, кайда барса әзиз кәмпир* (таб. чайнек).

ДҮҢГӨ I *чүй.* курт жеген тиштин калган түбү, дүмүрү; *тиштин дүңгөсү эле калыптыр.*

ДҮҢГӨ II *тяньш.* узун бел боо (сал. уйг. лөнгү «суу жоолук»).

ДҮҢГӨЛДӨЙ *атб. к.* дүңгөлөй.

ДҮҢГӨЛӨЙ *жумг.* чугунка; *дүңгөлөй казан ордуна колдонулат* (кээ бир жерде «можу», «чөнкө» деп аталат).

ДҮҢГҮ *ыск.* чалгынчы, тыңчы; *дүңгү жумшап, тил алат.*

ДҮҢГҮЛ, ДҮҢГҮЛҮЙ *тяньш. к.* дүңгөлөй.

ДҮҢГҮРӨ *тяньш. к.* дүнгелей.

ДҮҢГҮРӨТМӨ *чүй.* 1. тоо ылдый таш кулатып аккан суу; 2. жердин аты; **кичине дүңгүрөтмө** суусу азыраак агын (бул аттар Аламүдүндөгү Татыр деген жерде колдонулат).

ДҮҢГҮРЧӨК *тяньш.* бидон; *дүңгүрчөк чойундан болот, эки кулагынын боосу болот.*

ДҮҢДҮҢ *атб.* балдардын ойнунун бир түрү.

ДҮҢК: дүнк этме *чүй, терг.* үнү катуу чыгуучу мылтык; *дүңк этме, дүрт этме деген мылтык болчу эле.*

ДҮҢКӘЛТӘК *жерг., батк. к.* дүмкәлтәк; *дүңкәлтәк ойнойвуз.*

ДҮҢКӨ *пам. к.* дүңкө; *дүңкө, чоок, таз, казыке, олжочу, кызыл айак, жутаңкы, кылжужай, канды кесекке кошулат.*

ДҮҢКҮ *тал.* 1. бутак – жалбырактуу, шуулдап турган байтерек; 2. даңаза; *дүңкү менен артист келет.*

ДҮҢКҮГҮЙ *ыск., чүй.* дүңкүйгөн нерсе; *Жээналы дүңкүгүй.*

ДҮҢКҮЛДӨК *ыск., эск.* 1. уруш башталарда кагыла турган барабан; *кыйкырык салып найза чаап, дүңкүлдөк уруп калды;* 2. *зам.* оюндун аты; *качар топ, чакмак таш, дүңкүлдөк, көз таңмай, чар терек ойнойвуз.*

ДҮҢҮРӨЙ *түшт.* дүңкүйүп карануу, эрегишүү; *ачуусу келгендиктен дүңүрөйүп турду.*

ДҮПДЕМЕ *батк.* чоңдугу 10 – 15 метрлик суу баткыдай жыгач идиш (ага көбүнчө жарма, бозо, айран ж.б. ачытылат).

ДҮПДҮП *атб.* балдардын ойнунун бир түрү.

ДҮПЕЙИЛ *өзг.* айыкпас дарт; *дүпейил дәрттән калганмын.*

ДҮПҮЙӘ *суз., батк., өзг.* өтүк ултарганда кагылган мыкты ичинен кайрып туруу үчүн жасалган темир курал; *дүпүйәсин сурап кел.*

ДҮПҮЛДӨК *суз.* дүп – дүп этип үн чыгарган нерсе; *атам – дүпүлдөк, энем – күлүк, эжем – ырчы* (таб. көпүрө, суу, бака); **карагайым дүпүлдөк** *өзг. к.* дүмпүлдөк.

ДҮР I *түшт.* бермет, инжи; *дүрдөй таза кымбат.*

ДҮР II *жерг.* алыс, ыраак; *дүр – дүр дүрүндөй, жер астында жүгүрөт* (таб. чычкан).

ДҮР III: **дүр силкин** *чүй.* титире; *чар талааны чарк имере дүр силкинди.*

ДҮР IV: **дүр аймак** *ар.* бүт тегерек, бүт айлана, чар тарап; *дүр аймагың дүрдәнә.*

ДҮРӘ *ичк.* 1. жоолуктун түйүнү; 2. оюндун аты (теке терини эшип, жылаңач этке чаап ойноо. Мында адам мелдеш кылып, белден жогору жылаңачтанып туруп берет. Аны экинчи бирөө дал ортого чабат. Мелдештин шартына жараша үчтөн он эки жолго чейин чапкан. Мелдешке кой, ат, пул коюлган. Көбүнчө мал сайылган); *он эки дүрәгә тооктоп берген*; 3. үлбүрөк кичине жоолук; *эки карыш дүрәни ороп алды башына;* **дүрә таштамай** *батк.* жоолук таштамай (сал. дүмкәлтәк); *илгери биз дүрә таштамай ойнойт эдек.*

ДҮРӘТКӘР *батк.* жыгач уста; *Адыл бир жыл окуп, дүрәткәр уста болду.*

ДҮРБАЗАР *ош.* жибек пилласынын начар түрү; *пилләнин начар сорту – дүрбазар* (сал. карапачак).

ДҮРБӨ *түшт.* оорунун уугуп, кычышып кетиши (кызамык, бөрү жатыш); *адамдын доошун укса, кызамык дүрбөп кетет.*

ДҮРВӨӨЛ *пам.* уруунун аты; *дүрвөөлдөн бүрөw куржун десе кап бериптир.*

ДҮРВӨТ: **пахта дүрвөт** *батк.* кур дүрмөт; *пахта дүрвөт кылып атат.*

ДҮРВҮН *жерг.* дүрбү; *дүрвүн менен көрдүм* (кээде «дүрбин» болуп да айтылат).

ДҮРВҮНДӨ *ичк.* дүрбү салып кароо.

ДҮРВҮНДӨТ *ичк.* дүрбүлөп кароо; *дүрвүндөтүп карап турат.*

ДҮРГҮ *суз.* удургу; *каны дүргүп тээп чыкты.*

ДҮРДӘЛӘ *өзг.* жер титирөөдөн келип чыккан тополоң; *о жерде дүрдәлә болуптур.*

ДҮРДҮН *пам.* дүрбү; *оона шол дөңдөн дүрдүн менен караса, шу жердеги әлейни көрүнөт.*

ДҮРКҮН *лейл.* ирет, мертебе, жол; *базарга эки дүркүн барып келдим.*

ДҮРКҮРӨК *ыск.* адамдын денесинин дүркүрөп кетиши.

ДҮРМӨНТ *пам.* дүрмөт.

ДҮРМӨНТТӨ *пам.* дүрмөттө; *дүрмөнттөп аңдып отурат.*

ДҮРӨГӨЙ *зам.* 1. чалыш; *Әбдирәйим дүрөгөй экен*; 2. аргын; *дүрөгөй итке аш бердиңби?*; 3 *чүй.* начар, бош, өнү суук адам же мал.

ДҮРП *жерг.* түрп (өсүмдүктүн аты); *тыттын тәгигә дүрп эктим.*

ДҮРС *жерг.* түрс; *дүрсө – дүрсө жүрөк сокту.*

ДҮРСҮЛДӨ *батк.* түрсүлдө; *эшикте таң аткыча дүрсүлдөп чыкты.*

ДҮРСҮНКАН *жжол.* жомоктун жана күүнүн аты; *Дүрсүнкан деген күүңдү тарт деди* (илгери Дүрсүнкан деген аялдын кыял – жоругун баяндаган күү. Күү кыякка тартылып, ыр менен коштолгон).

ДҮРҮЙӘ *ичк.* 1. эки беттеп сайылган сайма; *ак чытка дүрүйә тиктиң;* 2. ушул сайма менен

сайылган жоолук; *сиздей ким дүрүйә тиккен?* (дүрүйә саймасын кээ бир жерде «эки жүздүү, тепчиме, мүшкүл» деп да аталат. Жерге – Талда илгери кыз көчүргөндө кыздын башына «дүрүйә» жоолук салмайынча, көчүрүшкөн эмес. Сал. таж. ду «эки» + руи<руидан «болуу»); 3. *өтм.* эки жүздүү адам; *дүрүйә адам экенсиң;* **сурхий дүрүйә** *түшт.* каалга, түркүккө түшүрүлгөн оймо – чийменин аты; *эшик кооздоогондо сурхий дүрүйә ойулат.*

ДҮРҮЙӘЧӘ *түшт.* сайманын бир түрү.

ДҮРҮЙӨ *жерг. к.* дүрүйә.

ДҮРҮЛДӨК *зам.* 1. балапандарын учурган, же жыбылып конгон чымчыктардын тобу; *топ чымчыктарды дүрүлдөк дейт;* 2. *ал. өзг., лейл., батк.* таранчы; *чозмо менен дүрүлдөк атып алыптыр.*

ДҮСТӨМӨН *зам.* көмкөрөсүнөн жыгылгандык; *дүстөмөн жыгылды* (Чаткалда «жүстөмөн», түндүк говорлордо «үстөмөн» болуп айтылат).

ДҮТ *лейл.* түтүн; *түлкүнүн ийниге дүт койду* (сал. таж. өзб. дуд, дут «түтүн»).

ДҮУ *батк.* дуу; *дүү күлүп живеришти.*

ДҮҮР *зам.* дүбүр; *дүүр–дүүр дүк келет.*

ДҮҮРӘКӘТ *ноок.* эки рекет намаз; *чогулуп дүүрәкәт окуса болову?*

ДЫГДЫГАЙ *батк.* дыгдыгый; *колу–путу кичине, дыгдыгай.*

ДЫГДЫЙМАТ *иск., чүй.* дыгдыйган адам; *курсагы айабай тойсо, дыгдыймат дейби?*

ДЫГДЫЙЫҢКЫ *чүй.* дыгдыйыбыраак көрүнгөн нерсе; *уй дыгдыйыңкы болуп тойуп алыптыр.*

ДЫГДЫРАЙ *жерг.* быгжый, быкчый.

ДЫГЫР *өзг.* күндүн жаңыдан чыга башташы; *күн дыгырганда жол тарттык.*

ДЫЙДЫКЕ *лейл.* ээрдин үстүнө салынган көпчүк; *ээр токумдун үстүндөкү дыйдыкени ала кел.*

ДЫЙКАН: кара дыйкан *түшт.* жарды дыйкан.

ДЫК I *лейл., батк.* нур; **күн дык урар алдыда** күн нур чачар учурда; **дык ур** нур чач; **таң дык берди** таң сөгүлдү.

ДЫК II *батк., лейл.* 1. бук, капа, уйгу – туйгу, буулуккандык; *жүдә дык болдум;* 2. көңүл айнуу, караңгылоо; *жәйлөwдү өзүң тәйнәйи жеп дык болупсуң, әә?;* 3. нык семирүү, аябай тоюнуу; *аты байлowдо дык богон.*

ДЫК III *батк., ош.* зил; *таза дилине дык кетирди.*

ДЫК IV *зам.* жайранын тикенеги; *үйгө дык илип койсо жакшы болот.*

ДЫКАН *лейл.* 1. дыйкан; 2. *өтм.* мол, көп, арбын.

ДЫКАНЧЫЛЫК *лейл.* дыйканчылык; *дыканчылык менен жүргөн адам гәп билвейт.*

ДЫКАТ *батк., пам., өзг.* камтама, зеригүү; *онун келвегени дыкат кылды* (кээ бир жерде «тәшинә, зык, кыжыл» деп айтылат).

ДЫКАТЧЫЛЫК *батк.* капачылык, бук болуучулук.

ДЫККАТ *зам.* көңүл койгондук, көңүл бургандык; *эми, жолдоштор, дыккат кылгыла.*

ДЫКТЫК *ичк.* чоң тойгондуктан көңүл караңгылоо; *көңүлүм дыктыктан эчтеме жеведим.*

ДЫЛДЫР *пам.* мажүрөө; *ә, дылдыр, ылдам–ылдам иштевейсиңби?*

ДЫМ: дым–дым *жжол.* тымтырс ойну; *дым–дым деген унчукпай калчу ойун бар.*

ДЫМАК: бәләнт дымак *жерг.* дымагы күчтүү; *уйадан учкан сиз тургай, илгери, бәләнт дымак хан өткөн.*

ДЫМБЫРДЫМ *атб.* балдардын ойнунун бир түрү.

ДЫМДА *батк.* 1. күкүрттүн ышы, түтүнү менен өрүктү ыштоо; *өрүктү дымдап койот*; 2. *батк.* дымын чыгарбай жок кылуу; *нары-бери дымдап сал.*

ДЫМДАМА *батк.* өрүктү күкүрттүн түтүнү менен ыштай турган жай; *жүрүң дымдаманы көрсөтөйүн.*

ДЫМКАНА *ноок.* тамеки жалбыректарын нымдай турган жай.

ДЫМКЫЛ *жжол., ал.* тоборсуган жер; *жер дымкыл тартып калыптыр.*

ДЫМЫК *батк.* үп; *бүгүн күн дымык болуп турат.*

ДЫҢ I *чүй.* нык; *жүгөрү жесе дың семиз болот эле.*

ДЫҢ II *ал., батк.* бүт толук; *жоокесектер дың аман.*

ДЫҢ III: дың сууган увак *ыск.* кеч күз.

ДЫҢ IV: **дың кулак** *тяньш.* каңырыш, дүлөй; *дың кулак, керең-деп көзүнө илбейт экен.*

ДЫҢКАНА *түшт.* тамеки кургатууга ылайыкталган жай.

ДЫҢКЫГЫЙ *ыск., чүй.* дыңкыйып жүргөн адам; *ал дыңкыгый киши десек болбой калабы?*

ДЫҢКЫЙ *батк.* деңкей; *дыңкыйып жатышын кара.*

ДЫҢКЫЛООН *түнд.* кургак сымал болуп, дың тартып турган жер; *дыңкылоон-дыңкылоон жерин тандап бас.*

ДЫҢКЫЛООНДО *атб.* дың менен кургактап басуу; *дыңкылоондоп басып өтүп кет.*

ДЫРАВШАК *жерг.* жоолук; байпак согуучу шиш темир; *дыравшак сатып бер.*

ДЫРДАН *чатк.* сакал алгыч инструменттин кабы.

ДЫРДЫК *кочк.* үрпөйүп коркуу; *көзү өтүп дырдыга түштү.*

ДЫРЫҢДА *батк.* тырында; *дырыңдап эч гэп жевейт.*

ДЫРЫҢДАТ *батк.* дарылдат, дырылдат; *дырыңдатпай довушун өчүрүп кой.*

ДЫСМУНА *жерг.* колдун тырмагын кызыл кылып боёочу кына өсүмдүктүн аты; *дысмуна деген өсүмдүк бар* (сал. таж. дыс, дас "кол"+муна «коюу»).

ДЫХАН *лейл., жерг. к.* дыкан.

– Ж –

ЖА *түшт.* аябай, эң; *жа жакшы жигит эле.*

ЖАА I *чүй.* ички сезимди билдирүүчү сырдык сөз; *эх, эпилдек, жаа, жапылдак* (таб. эрин, ооз).

ЖАА II *ыск.* тамактын аты (Текес тарапта); *жаа жасап бактыр.*

ЖАА III *чүй, тыньш.* 1. бозо сүзүүдө колдонулчу учу төрт ачакей аталгы; 2. *тал.* бүркүт кармоодо колдонулчу курал.

ЖАА IV *жерг.* 1. күндүн желеси; *күнгө жаа туруп калыптыр* (Чүйдө «жез кемпирдин желеси», Түптө «күндүн кулагы») 2. *түнд.* ийип жасалган куралдын аты; *жаа тарткан жигит бар бекен?*

ЖАА V *өзг., тторо;* желдик; *ата, жаа кайакта?*

ЖАА VI *чатк.* жандыктын аты (кээде «келин жүгүн», кай бир жерде «найза», «айбаалы» деп да аталат).

ЖАА VII: **жаа бөйрөк** *нар.* 1. үч кабырга бөйрөк май менен чогуу чыгарылган уча (козу – улак, кой – эчкини сойгондо чыгарылат); *жаа бөйрөк жасайбыз;* 2. *атб.* тирүү кезинде бөйрөк жагы булчуйган эчки; *жаа бөйрөк эчки жок.*

ЖАА VIII: **жаа толгоо** *түнд.* комуз күүсүнүн бир түрү; *жаа толгоо салт күүгө кирет.*

ЖААВЫ *зам.* жаа; *күндөр жаавып ташыса, ылайка келер сел болуп.*

ЖААДЫ I *жерг. к.* жады; *жаадыга чөп кыркып, атка салып кой.*

ЖААДЫ II *пам.* жат, ой; *жаадына түшсө билерсиң.*

ЖААДЫРА *кашк.* көңүлдөн; *ал ага жаадырашкан.*

ЖААЗ *өзг.* 1. каптырга; *жааздын бир жагы сыныптыр* (жаазды ээрдин алдына коюу үчүн жыгычтан жасайт) 2. *өзг., зам.* жуп жасалган желдик; *жаасыз ээр болбойт, жазыксыз кекээр болвойт* (мак.); **айыш жааз** *пам.* булгаары менен тышталган желдик; **таар жааз** таар менен тышталган желдик.

ЖААЗДЫК *базк.* желдик; *кыйгыр, жаңак, чыпта, кәлтә, сүдрә, өтүрүк, оромол, жааздык дейт.*

ЖААЗЫ *пам., жерг., түшт. к.* жааз I (Памир, Жерге – Тал ж.б. жерде «желдик, каптырга» деген сөз учурабайт).

ЖААК I *тыньш., ичк.* 1. аяз мезгилинде суугa тоңгон муз; *суусуна эртели – кеч жаак турду;* 2. *түшт.* кеп такыянын жаак ылдый кеткен салпандоору, кулакчын; 3. *батк.* бешиктин астыңкы узун жыгачы; 4. *түнд.* капкандын кош кат серпилгич тетиги; *капкандын жаагы катуу экен;* 5. *жерг.* чикит ойнунда оң жакка кыйшайып туруп, баласы сол жаакка коюп, анан түшүрүп чабуу фазасы; **койон жаак** *жерг.* боз үйдүн керегесинин беш – алты жерден көктөлгөн чоң – чоң көздүүсү (сал. тор көз).

ЖААК II *тал.* алты пуд өлчөмүндөгү оордук.

ЖААКТЫК *батк.* элечектин сагагы; *жаактыгы бу, караң.*

ЖААКЫН *жжол.* жакын; *бижерге жаакын турат.*

ЖААКЫНДА *жжол.* жакында; *жаакында курста чогулуш өттү.*

ЖААЛ *чүй.* каар, ачуу; *жаалы келип жок кылууга камынды.*

ЖААЛДЫК *түшт.* көктүк, көшөргөндүк, тиштенгендик; *көрчү мунун жаалдыгын, өрттөн кайтпайт.*

ЖААН: **суw жаан** *пам.* жамгыр; **кар жаан** кар; **мөндүр жаан** *жерг.* мөндүр (сал. пурчак); **ак жаан** *ыск.* 1.

эртең менен башталып, керээли – кечке, же түнү менен майдалап жааган жаан; 2. *жерг.* күн тийип, кичине булут каптап турганда жааган өткүн; **кара жаан** *жерг.* нөшөр; *кара жаан мезгилсиз көп жаайт;* **жер жаан** даңазалуу, белгилүү; *жетимдер да жер жаан адам болор;* **жаандын шывырын тыңшаганды билесиңби?** ◊ күүнү талдай билесиңби, үндү ажырата аласыңбы?

ЖААНАМ *өзг.* тигил дүйнө; *жаанамга барганда билесиң деди.*

ЖААНБАЛА *тал.* уруунун аты (сал. ар. жаан «дүйнө, аалам»).

ЖААНГЕРЧИЛИК *түшт.* жаан – чачындуулук; *жаангерчиликтеги баткак.*

ЖААПЫРЫМ *ыск.* чабышууга, сайышууга кирерде айтылган сүрөөн сөз; *жаапырым деп жабылган.*

ЖААР *жерг., эск.* бүбүнүн жардамчылары ырым учурунда тарта турган ар кыл шалдырак – шулдурак; *жардамчылары жаар тартат.*

ЖААРЫ I *пам.* жары; *жаарываган неме экенсиң.*

ЖААРЫ II *пам.* төрө, туу, бойдон бошон; *онун айалы көз жаарыды.*

ЖААРЫ III *жерг.* ашкере, ачык, дайын; *жаары кылып тутпайт.*

ЖААРЫК *пам.* жарык; *жакшынын жүзү жаарык* (мак.).

ЖААС *суз. к.* жааз; *кой гүрөңгө жаас койду;* **токулгасын жеп, жаасына ат** (кол) **койгон** ◊ *өзг., алб.* куу такым, тапан.

ЖААТ *түнд.* маселе, иш; *отун жааты чатак.*

ЖААЧЫ I *чүй.* келин жүгүн.

ЖААЧЫ II *жжол.* этин жесе адамга кандайдыр бир жайчылык касиет берет имиш деп эсептелген төө, кирпи, кашкулак сыяктуу жандар; *жаачы деген жаныварлар бар.*

ЖААЧЫЛ *жжол.* жайчы; *оо, Кожогелди жаачыл, жолго чыкса күн жаайт* (ишеним боюнча жаачыл адам каза болгондо, жолго чыкканда, той – аш бергенде, ооруганда күн бүркөлүп, жамгыр жаап, күзүндө мөндүр түшүп, кышында кар жаайт имиш. Жаачыл болбос үчүн төө, кашкулак, кирпи сыяктуу жандардын этин жебеш керек дешет. Казандан чөмүчтөп тамак ичүүгө да жол бербейт. Бала чоңойгондо ыйлаак болсо да жаачыл болот деп ойлошот).

ЖАББАР *жерг., сейр.* кудай; *жалган айтып кычкырсаң жаббар урсун* (ушул сөздөн улам Жапар деген ат учурайт).

ЖАБДУРА *ош.* жоодура.

ЖАБДЫ *жжол.* ат жабуу; *томток атына жабды жаптырат.*

ЖАБДЫЛА *жжол.* жабуу жабыла; *буудан көктү жабдылдап алып барбады.*

ЖАБЗАР *тал. к.* жапсар, секичек.

ЖАБЧЫ *өзг., жерг., пам.* кештеленген, саймаланган ат жабуу.

ЖАВА *жерг.* жапайы; *мал towдо жүрөт, жава болуп калыптыр.*

ЖАВАГЫ I *ыск.* жылкынын бир жаштан өткөн төлү; *жавагы сойсо семиз чыкты.*

ЖАВАГЫ II *батк.* тоолуу кайрак жерге чыккан жапайы дарак.

ЖАВАЙ I *батк.* нойгут уруусунун бир тарамы.

ЖАВАЙ II: **жавай жалгыс** *тыныш., терг.* боз үйдүн эргилчегинин мойнунан байлап, баш босогонун алдынан тарткан ичке сызма.

ЖАВАЙЫ I *ал.* 1. боз үйдүн сызма – тастар жибинин бир түрү; *жавайы, жавык баш, жаздык, жүк жавуу, көлдөлөң, көрпө, көшөгө, туурдук, чалгыч болот;* 2. *түшт.* килемдин түгү жок бети; 3. *өзг.* жапайы.

ЖАВАЙЫ II *батк.* оорунун аты; *суw чечек, жавайы, кызамык менен оwруганда бәдик кылат.*

ЖАВАКЫЛ *түшт., терг.* төөнүн куйругу; *дүвүр–дүвүр төртөө, түйрүк кара бешөө, жавакылы жалгыз, эсир кара экөө* (төөнүн төрт буту, мурду жана эрди, куйругу, эки көзү).

ЖАВАЛАК I *өзг., пам.* жабалактап жыш чыккан нерсе; *жавалак сымал чыгат.*

ЖАВАЛАК II *ноок.* абалак; *секетим, жавалакты жоготпо.*

ЖАВАН *түшт., ичк., зам.* кооз үкөк, шкафча (көбүнчө жаңгактын жыгачынан кооздолуп жасалат); **жүк жаван** түрдүүчө кооздолуп, бооруна бир нече жерден тартма салынып, узун жасалган жаван (мунун үстүнө жүк жыйылат); *базардан жүк жаван сатып келди;* **чынар жаван** чынар терегинен жасалган жаван.

ЖАВАН *кочк.* кыянатчыл; *кадимки жаван.*

ЖАВБАРАКА *лейл.* биротоло; *жавбарака көчүп кетти.*

ЖАВДАР *пам.* жогдор; *түйөнү көркөм көрсөткөн мойундагы жавдары.*

ЖАВДАТ *ноок.* жоон – жолпу; *Көк–Ойдун башы түз бекен, көп жавдар жылкы жүз бекен?*

ЖАВЗА *лейл.* эскиче июль айы (сал. жовза, жауза).

ЖАВЛЫК *пам.* жоолук.

ЖАВРЫН *ккырг.* далы.

ЖАВУН *өзг.* жаан; *ак жавун болсо керек.*

ЖАВУР *пам.* жоор; *ол жавур ат.*

ЖАВУУ: **бет жавуу** *түшт.* чүмбөт (түштүктө бет жабуу келин жаңы келгенде колдонулган. Ал бөздөн тордолуп 30х40 см. өлчөмүндө жээги саймаланып жасалган. Илгери кыпчактарда ак кисея пайдаланылса, мунгуштарда тор пайдаланылган, ал – «тор бет жавуу» деп аталган. Бет жабууну биринчи жолу келин күйөөсүнүкүнө жөнөгөндө салынган. Кайненеси келиндин бетин ачып, өөп, анан элге көрсөткөн. Келин бет жабууну кайната, кайнене, кайнага, кайнеже ж.б. чоочун улуу кишилердин алдында тартынган. Бет жабууну келин экинчи же үчүнчү балалуу болгондо гана алып таштаган. Аны атайын тамак жасап, анан абдан кары жана салабаттуу байбичеге гана алдырып салышкан. Кийин көпчүлүк жерлерде, той – ашта, көчтө, төркүнгө барганда тартышкан. Кыпчактарда болсо тойдон кийин көшөгө алынып салынганда, бет жабуу да алынып таштаган. Азыр бет жабууну тартынуу жок).

ЖАУС *батк. к.* жааз; *жаусту мага бериң.*

ЖАВШЫ *батк.* жалпы; *жавшы колхозчулар келип көпүрүктү оңдошту.*

ЖАВЫ *түшт.* ат жабуу; **бешик жавы** *суз.* бешиктин үстүнөн жабылган жабуу; *бешик жавы жава көр.*

ЖАВЫЗ *батк., жерг., лейл.* 1. жакын тууган; *о, жавыз адам «өз билим болбосо, өктөмсүп элден өтө алвайт» дейт*; 2. тууганчыл; 3. жаркоокер; жылдыздуу; *адамга жавыз бала экен.*

ЖАВЫК *өзг.* 1. төшөнчү – орун жана кийим – кечек; 2. *кул.* там үйдүн дубалынын үстүнө коюлган устун; 3. **жүл жавык** *пам.* боз үйдүн килем түрүндө согулган жабыгы; **жүл кош жавык** «жүл» тышталып жасалган буюм салгыч жабык баш; **кош жавык** *жерг.* 1. майда – чүйдө буюм салуу үчүн жасалып, үйдүн ичине илинип коюлган кооздук буюм; 2. кыз күйөөгө чыкканда сеп катары бериле турган баштыктан чоң жасалган кооз буюм салгыч; *кош жавыкты сеп кылып берген* (кээде ал «айак койчу,

килемче» деп да аталат); 3. *жерг.* бешикке жабуу үчүн жасалган төшөкчө; **төө жавык** *түнд.* көчкөндө төөнүн башына же өркөчүнө жабыла турган кооз орнаменттүү жабык (кээде ал «төө ком», деп да аталат).

ЖАВЫКЧЫ *суз.* илгери хан ордолорунун, же чоң коргондордун дарвазасын ачып жана жаап кызмат кылган киши; *дарваза жавыкчысы сәксән бешке чыккан чал экен.*

ЖАВЫР I жавыр байан *түнд.* азуулуу айбандардын эң кыйыны; *жавыр байан баш кылып чогултат.*

ЖАВЫР II *кашк.* алгебра; *жавыр дарсын билет бекен?*

ЖАВЫРЛЫК *лейл.* кордук; *жавырлык күндү тартпагын.*

ЖАВЫС I *зам.* уйкаш, жатык, эптүү; *кыйуwду келтирип, жавыс айтышка тил керек.*

ЖАВЫС II *лейл.* жапыс.

ЖАВЫСРӘНДӘ *жерг.* устачылыкта колдонулуучу инструменттин аты; *жавысрәндә менен эшик ондошот.*

ЖАВЫСТУW *пам.* тууганчыл; *кичине балдары жавыстуwраак.*

ЖАВЫШКАК *ыск.* 1. желин, давыркай; *килей сыйактанган жавышкагы чыгып турат*; 2. *батк.* өрүктүн бир сорту; *жавышкак өрүк ажыравайт*; 3. жабышчаак нерсе (кээ бир жерде «чайыр, ширеч» деп аталат).

ЖАВЫШЧААК *түнд.* 1. бир нерсеге бат жабышкан нерсе, зат; 2. *өтм.* бир нерсени алмайынча жаны тынбаган, кой дегенге болбогон адам; *ал бир ит, жавышчаак неме.*

ЖАГААЛ *ыск.* илгери калмактар кийген сырт кийимдин аты.

ЖАГАЗДЫРЫК *лейл. к.* жааз.

ЖАГАК *лейл.* шурунун үстүнө теңгеден кыдырекей тизилген кооздук; *жагакты теңгеден кылат.*

ЖАГАЛ *батк.* карамтыл саргыч түс; *жагал эчки, жагал кой дейвиз.*

ЖАГАЛДЫРЫК *пам.* 1. суулук; *аттын оозундагы жагалдырыгын чыгарып кой;* 2. *зам.* жааз; *жагалдырыкты токумдун үстүгө койот.*

ЖАГАЛМАЙ *ыск., тяньш.* шырдакка түшүрүлүүчү оюунун бир түрү.

ЖАГАН *лейл.* 1. атак – даңк; урушта эрдик көрсөтүүнү эңсеген адам.

ЖАГАРЫ *жерг.* 1. богок (оорунун аты), зоб; *бу суwдан ичпе жагары болосуң* (сал. таж. жогар); **жагары булак** суусун ичкенде жагары пайда боло турган булак; 2. *өзг.* жемсөө; *тооктун жагары бүт эле жүтөрү экен.*

ЖАГАРЫЛУW *жерг.* богоктуу; *жагарылуw киши экен.*

ЖАГДАГАЙ: жайма канат жагдагай *чүй.* бүркүттүн бир түрү.

ЖАГДАЙ *түнд.* ал – жай, ал – абал; *анын жагдайы кандай болор экен.*

ЖАГДАН *кочк., жумг, чүй.* 1. сандык; 2. *чатк.* колго жасалган кичирээк жөнөкөй шкафча (көбүнчө тамак – аш, идиш – аяк коюлат); 3. *жерг.* жемсөөр; *тоwуктун жагданы толуп калыптыр* (Жерге – Талда канаттуулардын жемсөөрү жалпысынан «жагдан» деп айтылат. Сал. таж. якдон).

ЖАГДАР *чүй.* адамдын төшүнө чыккан жүн; *төшүндө жагдар жүнү дүгдүйөт.*

ЖАГЖАГАЙ *пам.* кодоо, кодогой; *эй, жагжагай, бас бери.*

ЖАГЖАЙ *пам.* жаак; *жагжайын жара койду.*

ЖАГЖАЙМАТ *ыск., чүй.* дайыма төшү – башын топчуланбай жагжайып жүргөн адам; *төшү бүчүлөнбөгөн жагжаймат.*

ЖАГЖАК *жжол.* 1. өсүмдүктүн аты (бул өсүмдүктөн самса жасалат); *жагжак деген чөп чыкты*; 2. *өзг.* жемсөөр; *жагжагыны кандады;* 3. кичине чедирейген адам.

ЖАГОW *батк.* 1. бети жалпак сымал келген кооздук*; о–жагоw, о–жаактык, о–сарвент;* 2. *жжол.* алгыр куштардын төшүнө, мойнуна тагылган чыңгырак коңгуроо; *жагоwдун кызматы чоң.*

ЖАГОWЛО *батк.* үндөктөгү куш – бүркүттүн мойнун кооздоп жагоо тагуу; *жагоwлогон шумкардай, жавуwлаган тулпардай.*

ЖАГРӨW *батк.* тил азар; *жагрөw әм адам болот.*

ЖАГТАЙ элдик легенда боюнча Амир Темирдин чоң атасы болуп, андан Самаркан тараптагы «кәттә – коргондук» кыргыздар тарап, кийин Жерге – Талга оогон элдин түпкү атасы; *биздин түвүвүз жагтай баатырдан тараган экен.*

ЖАГЫДАН *өзг.* жаңыдан; *коноктор жагыдан келишти.*

ЖАГЫЗ *пам., жжол.* козу – улакты телүү (кулун, музоого карата колдонулбайт); *түвөй, койум, койум тувей, өз баланды ала кой, мээриминди сала кой... деп жагызавыз.*

ЖАГЫЛ *пам.* телин; *бир козу башка койго жагылды.*

ЖАГЫНАТ *пам.* энеси жок козуну экинчи бир койго телүү.

ЖАДА *жерг.* думаналар алып жүрүүчү күлдүр – шалдыр таяк; *жалпаңдап сага жетем деп жадасы калат бир жерде.*

ЖАДААЛ *ыск.* каар, ачуу, чыр, чатак; *жадаалды бекем башташат.*

ЖАДААЛДАН *ыск.* 1. жалбырттап чатырап алоолонуу; *жадаалданса күйгөн чок куйкаланат кутургур*; 2. албууттануу, каардануу; *жадаалданып, чыңданып мөндүрдөй ок атат.*

ЖАДАЛДА *зам.* шаш, ашык; *жадалдавай аста бас, жанына жандай барайын.*

ЖАДАЧЫ *түнд.* жайчы.

ЖАДАШ *өзг.* томук катмай сыяктуу оюндун бир түрү; *жадаш ойнунда бир буйумду унуткарып утуп алат.*

ЖАДЫ I *пам., тал.* 1. чөп майдалай туурай турган курал; 2. шуушаң.

ЖАДЫ II *түшт., зам., акт., тторо.* эс, ой; *жадымдан көтөрүлдү–эсимен чыкты;* **жадыман чыкпайт** *ош.* көңүлдөн кетпейт, эстен чыкпайт.

ЖАДЫ III *зам.* 1. баш байланма оорусу; *Көркөм эже жады болуп өлгөн*; 2. көп аял алган адам; *сен жады болупсуң, төртүнчү айал алыпсың;* **жады–жинди** *батк.* маң кылуу, башты айландыруу; *шол кызды жады–жинди кылып жүрөт.*

ЖАДЫ IV: **жады куурай** *атб.* өсүмдүктүн аты (кээ бир жерде «жады кайсар» деп аталат).

ЖАДЫКӨЙ *ыск.* амалкөй.

ЖАДЫКӨЙЛҮҮ *ыск.* амалдуу, айлалуу; *жадыкөйлүү чоң жайчы.*

ЖАЖАҢДА *батк.* жалжаңда; *көэле жажаңдава.*

ЖАЖАРЛУУ: жажарлуу жер *кочк.* буйтка жер.

ЖА I *лейл.* жада; *жүрөгүм түшүп кала жазды.*

ЖАЗ II *зам.* 1. жай учуру; 2. *түнд.* көктөм учур.

ЖАЗ III: жаз–буз *түшт.* чыз – пыз, чый – пый (тамакка карата); *шашып турат, жа–буз кылып кир.*

ЖАЗАГЫРААК *батк.* депкир; *камыр сүзгөндү жазагыраак дешет.* (Ноокат тарапта «аш сүзгү» деп аталат).

ЖАЗАЙ *батк.* жаза; *жазайды бере белем.*

ЖАЗАКОР I *батк.* жазачыл; *жигиттин нары жазакор болову?*

ЖАЗАКОР II *батк.* сызыкты көп жеген киши

ЖАЗАКТУУ *түшт.* жүрөк өйүгөн, кападар кылган ой, санаа, иш; *жазакаттуу ал эмне?*

ЖАЗАКЕТ *лейл.* жаңылчаак, адашчаак.

ЖАЗАНА *түшт.* штраф.

ЖАЗВАЛ *ноок.* сызгыч; *жазвалыңды берчи, чызып алайын.*

ЖАЗГЫЛЫК I *ыск.* жаза берүүчүлүк; *ай жададым, эми экинчи жазгылык кылбасын.*

ЖАЗГЫЛЫК II *жерг.* жаза тартуучулук; *жазгылгым түгөвөй койду.*

ЖАЗГЫРМА *ыск.* жазгырып кетме өнөкөтү бар адам, айбан; *көз байлаган жазгырма адаты бар.*

ЖАЗДА *алб.* өлтүрүп житирүү; *эгер бир адамды жаздасам, жазданып калайын.*

ЖАЗДАМА I *батк.* жаз мезгилинде жай алып отура турган жер; *жаздамага чыктыңарбы?*

ЖАЗДАМА II *тоң.* жааз, каптырга.

ЖАЗДАНДА *пам.* жазга маал, жазга жуук; *жазданда бирге болор эде.*

ЖАЗДОО *түнд.* 1. жаз мезгилинде мал багыла турган жайыт; *төштүн түбү жаздоо болот*; 2. жазгы мал багуу мезгили; *жаздоосун ошол жактан өткөрчү.*

ЖАЗДООВАЙ *чүй.* жазында туулган бөжөк.

ЖАЗДЫ *ичк.* жаздады; *аттан жыгыла жазды* (ичкиликтерде жана түштүк говорлордо адабий тилден, түндүк говорлордон айырмаланып кээ бир этиштер байыркы формаларда учурайт. Мисалы: түгө – түгөн, жары – жырык кыл, жыгыт – жык, жаз – жазда ж.б.).

ЖАЗДЫК *ыск.* үйдүн төбөсүнүн кырына салынган жука, жазы тилинген тактай; **баш жаздык** башка жаздоо үчүн салына турган, бети куратан жасалган, ичине саман салынган узун жаздыкча; *баш жаздыкты алып бер;* **пар жаздык** *түшт., тал.* куш жаздык; **пат жаздык** *ош.* ичине тооктун жүнү салынып жасалган жаздык; **самсаалык жаздык** *жжол.* беш – алты ичке самсаалаган лентасы бар, кооздолуп жасалган жаздык; *аны самсалак жаздык деп да койот.*

ЖАЗЗАГАРАК *лейл. к.* жазагыраак.

ЖАЗЕМДЕ *ыск.* жаңыл, адаш; *эми жаземдевей тааныган чыгарсың.*

ЖАЗКАТА *пам.* жаздата, жаз бою, жаз ичи; *байыл жазкáта эптеп там салып алалар бекем.*

ЖАЗМАК *тал., түшт.* буурчак сымал жапайы өсүмдүк; *жазмык–жавайы буурчак.*

ЖАЗМЫШ *чүй.* жараткан; *жазмыштын эркн.*

ЖАЗУW I *ичк., тал.* жазуу; *жазуwду окуса ал көп жерди басканын жазган.*

ЖАЗУW II *жжол.* кеңдик; *жазуwу Алайдын талаасындай.*

ЖАЗЫК I *пам.* алакан; *жазыгы менен бир койот.*

ЖАЗЫК II кымыз ичүүдө колдонулуучу айыптоо салтынын бир түрү (жазыкта «бээ, кулун, тай» деп аталган үч түрдүү көлөмдөгү аяктын кымызын удаа – удаа бүт иче албаса, же чачса, түгөтө албаса, төгүп койсо, жаза тартып, мал союп берет).

ЖАЗЫКТЫР *жерг., пам.* жазгыруу.

ЖАЗЫКЧЫ *ал.* 1. жазыкка жыгылган айыпкер адам; 2. айыпкер, кылмышкер; *жазыкчы бәндә күнәкәр.*

ЖАЗЫЛ *алб.* даарат ушатуу; *мен бир жазылып келейин, токтой тур.*

ЖАЗЫЛОО *чүй.* чырпыктан

согулган акыр; *жазылоого чөп салып, ат байла.*

ЖАЗЫЛООЧУ *батк.* нан жая турган тактай.

ЖАЗЫМ: жазым баравы? *зам.* сөзсүз, шексиз барабы?, чын эле барабы?

ЖАЗЫМЫК *тал. к.* жазмык.

ЖАЗЫНДАСЫ *ичк., ыск.* (кээ бир жерде) жазгысын; *жазындасы көчүп кетет.*

ЖАЗЫНЫНДА *чүй.* жазында.

ЖАЗЫР: жазыр кыл *батк.* бүлүндүрүп чачуу, талкалоо; *үйүмдү жазыр кылып кетиптирлер.*

ЖАЙ I: сенин ичинде жай ташың барбы? ◊ *батк.* эмне тынч турбайсың, эмне шоктоносуң?

ЖАЙ II: жай конушка конду *жжол.* турмушка чыкты; *жай конушка кондуңуз, жакшына келин болдуңуз;* **кавур жай** *батк.* мүрзө; *чоң атамдын кавур жайын атам көрсөттү;* **кадам жай** *батк., миф.* 1. кандайдыр бир касиеттүү адамдын, пайгамбардын буту тийген, сөөгү коюлган жер; 2. жердин аты; **калы жай** *өзг.* ээн талаа; *алтындарын калы жайга каткан экен;* **көрө жай** *батк.* «маңкан көмүр» даярдай турган жер; *көрө жайда жыгач көмүр дайардайт;* **пәттә жай** *жерг.* улакты алып таштай турган орун, жай; *улакты төгөрөтүп келип, пәттә жайга таштады;* **түп жай** көптөн бери жашап тургун болуп калган жер; *бизге түп жай болуп калды.*

ЖАЙЛАК *ноок.* абалак; *жайлакты таптыңбы?*

ЖАЙАНАК *алб.* жан аяк; *жайанакты тазалап кой дейт.*

ЖАЙВАШ *ичк.* тамактын аты (жайма + аш. Жупкадан жазы – жазы кесилип, калемпир, «гэшинич», пыяз, «лаблавун» кошулуп башырылат); *жайваш канттай ширин болуптур.*

ЖАЙГЫ *кул.* камыр жайгыч тактай (кээ бир жерде «аш жайгыч, аш такта» деп аталат).

ЖАЙГЫЛЫК *ыск., чүй.* жаюучулук; *ой, бу кийиз–мийизиңди экинчи жайгылык кылбасын.*

ЖАЙГЫЧ *атб. к.* жайгы; *жайгычка камыр жайат;* **аш жайгыч** *ноок.* 1. үбөлүк (Өзгөндө «аш тактанын баласы», «нургуч, нургуч» деп аталат); 2. *тяньш.* аш такта.

ЖАЙДАК *батк.* 1. чакмак таш ойнунун бир фазасы (мында колдун аркасына таш токтотулбай баары тең жерге түшүрүлөт); 2. элечек тартынбаган аял; 3. *пам.* жалан; *жайдак жер менен бара жатат;* 4. *батк.* жеңил кийинген адам; **кара жайдак** *ыск.* тоонун жемирилип отуруп жышылган, такырча сымал келген бети; *тоонун кара жайдагына чыгып кетти.*

ЖАЙДАМАС *чүй.* намаз окуганда чеке тие турган жерге жайып койгон жука ак кийиз, же ак чүпүрөк; *жайдамасты жайа салды.*

ЖАЙДАН *пам.* чөбү көп түз талаа жер; *жәйлөw зирек–жайдан жер.*

ЖАЙДАР: ак жайдар *пам.* 1. дайыма жайдары жүргөн ак жүздүү адам; 2. *өтм.* сүйгөн жаш келин – кыз; *ак жайдар сиздей мартта бар* (бул сөз эпитет катары оозеки ырларда кеңири учурайт).

ЖАЙДАРЫ *батк.* 1. өз жерине көнүккөн, үйүр алган, өз жерин жакшы билген адам, мал; *жайдары киши;* 2. жапайы; *жайдары алма болот.*

ЖАЙЖАПСАРЫ *чүй.* опсуз көп; *тегеле жайжапсары экен, кайда батат?*

ЖАЙКАМА *түнд.* комуз күүсүнүн бир түрү; *жайкама – мукам күү.*

ЖАЙКАНА I *батк., жерг.* 1. мейманкана; *жайкана тәйиндәп койот* (сал. таж. жой + хона «үй»); 2.

мүрзөнүн орду, жайы; *адам өлсө жайканага койот.*

ЖАЙКАНА II *батк.* орто жаштагы эркектер ойной турган чүкө ойнунун бир түрү.

ЖАЙКАР *пам.* жөн билги, боорукер (аялга карата); *көрвөдүм кыздай жайкарды.*

ЖАЙЛАГАТА *атб.* жайлата; *жайлагата сактап туруптур.*

ЖАЙЛАК I *жерг.* жайдак; *атты жайлак эле минип барчы* (сал. жайлак).

ЖАЙЛАК II *тяньш.* жайлоо, төр; *ат жайлак жайлоосуна кетти.*

ЖАЙЛОW *к.* жәйлөw; *сувайын жатат жайлowgo;* **көк жайлow** комуз күүсүнүн аты; **кан жалow** *батк.* чөбү мол, калың, жайлоо; **көл жайлow** *пам.* 1. оту көп, чөптүү жайлоо; 2. жердин аты.

ЖАЙЛООВАЙ *тяньш.* жа̀йында туулган бөжөк.

ЖАЙЛООКЕРЧИЛИК *тяньш.* жайлоолоп турмуш өткөрүү, оокат кылуу, мал багуу; *жайлоокерчиликте жүрүп кымыстан башка оокат жок.*

ЖАЙЛООТАЙ *кул.* эң жакшы көркөм жайлоо; *жайлоотайымдан мал менен келатам.*

ЖАЙЛЫК *чүй.* тынчтык, тынч; *жайлык менен сөз сүйлөдү.*

ЖАЙМА *жжол.* 1. жайпатып коё берилген суу; 2. *терг.* базар; *жаймага барып келдим*; 3. *ыск.* көк бөрүнүн жалпы эле каалаган адамдар катышкан аяккы бир этабы; *жаймадан алып чыгып, улакты Сыдыкдыкына таштады;* 4. *зам.* кичине май токоч (көбүнчө өлгөн адамга куран окутканда жасалат); *жети жайма эттим эде, шону кылдым.*

ЖАЙМАЛА *пам.* туурала, жөндө; *атыңды бир жерге жаймала.*

ЖАЙНАК *алб.* жан аяк; *насывай жайнакты алып кел, балам*!

ЖАЙНАС *чүй. к.* жайдамас.

ЖАЙПАҢ *кул.* тоонун бетиндеги мал жуушагыдай түзөңчө жер; *чатырдын алдындагы жайпаңда жуушаган койлор.*

ЖАЙРА *пам.* жырга; *алпурушуп бир кече жайрабадым, толмочум.*

ЖАЙСАҢ *ыск.* 1. илгери калмактарды башкарган адамга берилген титулдун аты; *жайсаң деген бир чоңу болот* (сал. монг. зайсаң «князь» ушул сөздөн калган топоним да кезигет); 2. *батк.* уяты аз болгон келин.

ЖАЙСАҢДА *батк.* көпчүлүктүн алдында ырсаландап обу жок күлүп же сүйлөгөн жаш адам; *жайсаңдавай тынч отур.*

ЖАЙТЫН *батк.* күндүн жаап, себелеп турушу; *төрттө күн жайтын болду.*

ЖАЙЛУУ *чүй.* бир нече адам чогулуп, бүркүт салууга бирге чыгуу жөрөлгөсү.

ЖАЙЫ *батк.* жазы; *жалбырагы жайысынан келет.*

ЖАЙЫЗ I *батк., пам.* жайылып акырын аккан тайыз суу; *улуw эмес, жайыз суw.*

ЖАЙЫЗ II *батк.* уруксат, мүмкүн; *шу ишке жайызбы?*

ЖАЙЫК *түшт.* дың, аңыз; *бозоргон кысыр жайык бойдон жатчу.*

ЖАЙЫЛ I: жайыл салгылашуусу *чүй.* болжол менен 1770 – жылдарда казак элинин Аблай аттуу ханы менен Чүй боорундагы кыргыздардын Кызыл – Суу, Шамсы – Суунун жанындагы салгылашуусу (бул салгылашууда Аблай солтонун талкан уруусун талкалап, Көчкө – Тоого көп олжо менен кеткен имиш).

ЖАЙЫЛ II *тал.* уруунун аты («азуулуу» деген маанини берет); *жайыл урuwу сарuwга кошулат.*

ЖАЙЫЛА *чүй.* бүркүт салуу; *адам,*

бүркүт жайылайын деп чыксам, төвөмөн бир бүркүт кетпейт.

ЖАЙЫЛГАН *жерг.* 1. кең жерге жайылып жаткан нерсе; 2. чөбү мол, туш – тарабы жайык түз талаа; 3. жердин аты.

ЖАЙЫЛМА *чүй.* 1. сел болуп жайылып аккан суу; *суу жайылма болуп каптап кетчү экен;* 2. жердин аты; *Жайылма–Жол, Арчалы.*

ЖАЙЫМ *ыск.* кесме кесүү үчүн даярдалган тоголок камыр; *бир жайым камыр кылып кой* (Чүй, Таласта «зувала//сувала»).

ЖАЙЫНДАСЫ *суз., лейл.* жайында; *жайындасы күн ысыйт.*

ЖАЙЫНЧА *түнд.* жай, жөн гана; *жайынча эле келип калдым силердикине* (сал. каз. жайын «бош, жай, жөн»).

ЖАК *батк.* май; *лэмпэ жагың барвы?;* **гөш–жак** *батк.* эт – май; *базардан гөш–жак ала кел;* **сары жак** *өзг.* 1. сары май; *коноктор, сары жактан алып отургула;* 2. *батк.* чөбөгө.

ЖАКА I *тал.* 1. көчөнүн жээги; 2. *ыск.* түз талаа, айыл; *тоого чыкпай жакада калды;* 3. там үйдүн булама бойлото узунунан коюлган устун; **жака ичи** *жжол.* айыл ичи; *азыр жака ичи бел салып, тоосун койуп жатпайбы.*

ЖАКА II: **бәрә жака** *өзг.* көрпө жака; *ажал жетип күн бүтсө, бәрә жакаң калар ар жерде;* **кәлтә жака** *жжол.* кыска жака; *кәлтә жака көйнөгүн кийип алчу;* **сыныk жака** *чүй.* көйнөккө салынган жаканын бир түрү; *туйук жака, ачык жака, кайырма жака, тик жака, тилик жака, сыныk жака дегендер болот;* **туура жака** *батк.* ийинден топчуламасы бар жака; *туwра жака көйнөк* (мындай көйнөктү илгери молдо, эшендер гана кийген); **үрүмчү жака** *батк., лейл.* аялдардын көйнөгүнүн тике, бийик жакалуу келген бир түрү; **эт жака** *батк.* кекиртектен топчулана турган жака; *эт жака деген шо.*

ЖАКАЛА *жерг.* уруп, токмоктоп салуу; *ээ, вача, ону жакалап таштады.*

ЖАКАЛАШ *пам.* бир жерге бирге, чогуу конгон адам.

ЖАКАЛЫК *чүй.* тоого тиешеси болбогон адам, территория, буюм; *жакалык бирөнүкү дейт ко.*

ЖАКАМА: **жакама–жака** *жерг.* күрөшүүнүн бир түрү (кээде ал «тажик күрөш» деп аталат).

ЖАКАМАЛА *суз.* айлана, тегерек; *жакамаласында жүрөт.*

ЖАКАП *батк.* күзгү сугат (жак «май» + об + «суу» = май суу); *эгинге жакап бер* (күзүндө, кыш алдында сугарылат).

ЖАКЖАК I *жерг.* баж – баж; *жакжак этип сүйлөдү.*

ЖАКЖАК II *түшт. к.* жагжак; *жакжак жаз алдына чыга баштайт.*

ЖАКЖАК III: тооктун жакжагы *суз.* тооктун жемсөөсү.

ЖАКЕ *пам.* буйрук (сал. уйг. «жака», алт. «дьакы» тапшырма, буйрук).

ЖАКЕН *батк.* чакмак таш ойнунда ташты колдун сыртына токтотуу фазасы (кээ бир жерде бул оюндун: «эки эш, үч эш, ооз илип, топпол, айгүл, шарак, чычып, дүлөй, жер илип, алакан илип, чымчып илип, алма териш, нан жавыш, нан үзүш, бир иймей, эки иймей, тапан иймей, эшек кулак, ат кулак, такта, нургуч» аттуу фазалары бар).

ЖАКЕНДОС *өзг.* жер төшөк; *меймандарга жакендос сал.*

ЖАКЕР *пам.* буйрук аткаруучу; *савдагерге жакер болуп барганмын.*

ЖАККЫЛЫК I *ыск., чүй.* жагуучулук; *бу отунду жаккылык кылбасын, чирип калыптыр.*

ЖАККЫЛЫК II *жерг.* от жагуу үчүн дайындалган отун; *жаккылык отундуу топтоштуруп койдуңбу?*

ЖАКТА: **жакта тон** *суз.* кийимдин аты; *жакта тон кийип жүрдүм* (сал. «жегде». Жакта тон ичтелбей, кемсел түрүндө жасалат).

ЖАКТАМА *тал.* жан – жак; *ыштанын эки жактама кылып, кармап түштү.*

ЖАКШАН *суз.* өзөлөнүп тынбоо; *жакшанып ырдап жүрөт.*

ЖАКТЫРБАҢКЫ *кул.* жактырбаган өндөгөндүк; *атасына жактырбаңкы көзүн аңтарды.*

ЖАКШЫ: **жол жакшы** *жжол.* уруунун аты.

ЖАКШЫНА *чатк., тал., лейл., жжол.* жакшынакай; *баласы жакшына болду.*

ЖАКЫ *чүй.* тай, кулундун терисинен жүнүн сыртына каратып жасаган кийим; *жакы деген кийим аз учуравай калды* (бул кийим Чу тараптагы казактарда да «жакы, тай жакы» деп аталат).

ЖАКЫНЧА *алб.* жакында; *жакынча бир кыйын иш болгон.*

ЖАКЫНЫМ: жакыным жаным, жакыныңа жаным *батк., сейр.* 1. өтө ысык курбу; 2. *өтм.* ойнош, тамыр.

ЖАКЫР *ыск.* якорь.

ЖАКЫРТ *батк.* жакырлант; *жакыртып живерет.*

ЖАЛ *чүй, ыск.* 1. айдалбай же чөбү орулбай, чабылбай калган тилке жер; *чапкан солуңдун арасы жал болуп калыптыр*; 2. жердин аты (сал. каз. «жал, агрек»); 3. сары кыр; *он бир жал үйөт*; 4. *ичк., өтм.* кайраттуу, өткүр, курч; *оо, жал элек;* **айгыр жал** *жжол.* өсүмдүктүн аты; *айгыр жал арыктын бойуна талтал болуп өсөт;* **ак жал** *пам.* уруунун аты; *ак жалдын кишилери «коп» деп айтат эде;* **кичине жал** 1. жыбыт; 2. жердин аты; **көк жал** *лейл.* өсүмдүктүн аты; *көк жалдын кайда өсөрүн билесиңби?;* **чоң жал** *пам.* 1. бети чоң – чоң, салаа – салаа болуп кеткен тоонун күңгөйү; 2. жердин аты; **чочко жал** *зам.* булак жерге өсүүчү өсүмдүк; **төө жал** *өзг.* төөнүн мойуна жабыла турган кооз жабуу; *Айбарча энем илгери төө жалы менен атагы кеткен;* **эшек жал** *пам.* чикиттин баласын союлдун орто жерине (ат жалынан жогору), коюп чабуу фазасы.

ЖАЛА I *пам.* көпчүлүк, масса; *жалгы эмес жалавыз, өспүрүмбүз.*

ЖАЛА II *зам.* мөндүр; *жала жаап живерди.*

ЖАЛА III: азуу жала *ыск.* азуусу түшүп абдан карыган адам; *азуу жала болуп карыптыр.*

ЖАЛАА *түнд.* калп жерден эле коюлган күнөө, айып, доо; *жалаа жаап жүрүп өтөсүң го* (сал. каз. диал. жала).

ЖАЛААК *батк.* сук; тиленчээк адам; *көп суктук кылса жалаак дейт.*

ЖАЛАЙЫК *ноок.* жалаяк; *баланын жалайыгын жуwуп койойун.*

ЖАЛАЙЫР *пам.* түштүк кыргыздарда айтылчу «Жалайыр жалгыз» поэмасынын башкы геройу (бул поэмада беш каракчынын колунан каза бологон мергенчи Жалайыр дегендин өлгөнү, анын душмандарын Жалайырдын карындашы Кулсина тарабынан акыл менен өч алгандыгы, сүйүү, акыл, достук, душман жөнүндө айтылат).

ЖАЛАК I *чүй.* 1. асканын тик бети; *ашуусу бийик жалак аска*; 2. *лейл.* марча; 3. *батк.* ач көз, сук адам; *ол – болбогон жалак бала;* **ит жалак** *батк.* 1. жаш балдардын денесине же итке чыга турган бүдүр оору; 2. *этн.* ошол бүдүр ооруга айран сыйпап итке жалатуу жөрөлгөсү; *ит жалак итке көчөт* (азыр бул жөрөлгө

жок); **кара жалак** *батк.* 1. суу чымчыктын бир түрү (өңү кара, дайыма суу бойлоп учат, суу жукпайт); **кара жалактай** *суw жукпайт*; 2. уруунун аты (Мырза – Акеде бул урууга илгери басыз, арап, чомой, култай, жангашка, ындывай топтору кирген); 3. *ал.* чөп чыкпай такыр болуп калган кара каткак жер; **көк жалак** *суз.* жылаңайлак көк чөп аралап жүрүп, көп убактан кийин бут чор тартып көгөрүп жылма болуп калгандагысы; *буту көк жалак болуп бүткөн;* **таш жалак** *түнд.* 1. колуна эчтеке тийбей кур калгандык; *байкуш суу болду, түбү жүрүп таш жалак кана болуп отуруп калды*; 2. илгери томолой жетим болуп калган баланын арманын баяндаган күүнүн аты.

ЖАЛАК II: **элек–жалак** *түшт.* үрүң – бараң.

ЖАЛАКА *лейл.* соопчулук, боорукердик; *жалакасы жан эгем.*

ЖАЛАКАЛА: куда жалакаласын *зам.* кудай колдосун.

ЖАЛАМА *зам.* 1. эрди жарылып, түзөлбөс болуп калган жара; *түзөлвөду, жалама болду*; 2. желки; *оwзу жалма киши.*

ЖАЛАН *батк.* үйөр; *жә жалан сел келген.*

ЖАЛАҢ I *өзг.* малды жуптап саноодо «жалкы» деген түшүнүктү бере турган сөз; *кой он бир жалаң болду* (2›11=22+1=23 кой).

ЖАЛАҢ II *түшт.* 1. такыр жер; 2. *өтм.* чеке; *жалаң, жалаңдын үстүндө токой* (таб. чеке, чач); 3. *пам.* эки жагында тоо жок жайык түз жер; *жалаңга мал кыштатканга болвойт;* **жука–жалаң** *жжол.* жеңил – желпи; *жука–жалаң жатууну каалабайт.*

ЖАЛАҢ III: **жигит жалаң** *түнд.* жөкөр; *жигит–жалаңдары менен кирип келет;* **жөө жалаң** жөө («жалаң» деген сөз түндүк говорлордо «жөө – жалаң, жигит жалаң» деген эки сөздүн составында гана учурайт да, түштүк говорлордун көп жеринде кезикпейт. Бул сөз байыркы монгол тилинде жөө аскерлердин «полку» деген маани де колдонулган. Ал учурда аскерлер тобу: «ал, кошун, жалаң, сомон, миң, түмөн» деген өндүү бөлүктөргө бөлүнгөн).

ЖАЛАНАЙАК *ичк.* жылаңайлак; *жалаңайак адам жалаңбаш жүрөт.*

ЖАЛАҢАЧ *ичк., түшт.* жылаңач; **бу бала жалаңач чапмай** *түшт.* жоого каршы жарак – жабдыксыз качырып баруу (көптүккө салып, күч менен тирешүү Кокон бийлигинин мезгилинде мына ушундай жылаңач чапмай салгылашуу болгон); *октун алдына жалаңач чапмай болгон;* **жаланач чап** *ичк., өтм.* жайдак ат чабуу; *атты жалаңач чаптым;* **ач – жалаңач** ач жылаңач.

ЖАЛАҢАЧТА *ичк.* жалаңачта; *ол баланы жалаңачта.*

ЖАЛАҢГАЙАК *жерг.* жалаңайлак; *олор окушка жалаңгайак келетдер.*

ЖАЛАҢДЫК *батк.* түздүк, мейкиндик; *шу жалаңдык дәш делет.*

ЖАЛАТМАЙ: ит жалатмай *түнд.* жаза тарткан баланы идиштеги суюк нерсени жалатып жазалоо жолу (балдардын ойнунда колдонулат).

ЖАЛВАР *түшт.* сүйгүнчүктүү, жылдыздуу; *жалын жүрөк, жалбар кыз.*

ЖАЛВЫР *тяньш.* жалбырттаган нерсе; *кызыл мончок, жалвыр чечек* (таб. чок, жалын).

ЖАЛВЫРА *жжол.* дал – дал болуп сөгүлүү; *жакам кетти жалвырап, жароокер жеңе менде жок.*

ЖАЛВЫРАК *жжол.* кыл кыяк, комуздун үлгүлөрүнүн бир түрү (мындагы капкагы жука, өзү жеңил жасалат. Ал өтө популярдуу болот да, кээде «бака жалвырак» деп аталат. Андан башка да «алмурут, артист

порма» деген үлгүлөрү да кезигет); **жалвыractан төө кылдык** *түнд.* тамсил мүнөзүндөгү элдик күү; **жалвыractай бала** *батк.* адамга жакын, жылдыздуу бала; **арам жалвырак** *батк.* өсүмдүктүн аты; *арам жалвырак көрвөгүң бар экен;* **ат жалвырак** *жжол.* өсүмдүктүн аты; *ат жалвыракты аласың, «эри сүйвөс катынга эндик-упа не пайда» дейсиң* (мак.); **кашка жалвырак** *батк.* бака жалбырак (бетине каймак сыйпап, отко кактап, анан жарыла элек жарага тартса, ириңин соруп, оозун ачат); *кашка жалвырак төөлөрдө болот;* **май жалвырак** *алб.* өсүмдүктүн аты; *май жалвыракты кой-эчки жейт;* **төө жалвырак** *батк.* өсүмдүктүн чоң – чоң жалбырагы; *шул төө жалвырак болот;* **төйө жалвырак** *батк.* уйгак; *төйө жалвырак өсөт;* **үйрүм жалвырак** *жжол.* тууралбай желе турган күлчөтай; *куйрук-боор үйрүм жалвырак менен кошо желет;* **шайтан жалвырак** *батк.* чөп өсүмдүгүнүн бир түрү.

ЖАЛВЫРАТ *жерг.* жылжылдат; *жалындырып өзүңдү, жалвыратып көзүңдү, атып алсам кантесиң?!*

ЖАЛВЫРСКАЛАН *кул.* жылбырскалан; *желке чачы жалвырскаланат.*

ЖАЛВЫСТЫ *тяньш.* булактын көзүнө өсүүчү, боору боз жалбыractуу өсүмдүк; *жалвысты дегендин жалвырагын үсүп келсин* (бул өсүмдүк дары катары колдонулат).

ЖАЛГА *пам.* козуну башка койго телүү; *жетим козуну ак койго жалгады.*

ЖАЛГАЙАК *батк.* куулуктан жасалган баштыкча; *жалгайак илгери болгон.*

ЖАЛГАН: жалган чашке *батк.* болжол менен эртең менеки саат 10 – 11 убак; **жалган жашык** *батк., лейл., ал.* калп, жалган; *жалганеки айтып тәшпүшкө калдым.*

ЖАЛГАП *батк.* 1. түйдөк; *жалгап, адыргы, мәкә дейвиз;* 2. *түнд.* уруунун аты; *азыктардын ичинде булгап деген бар.*

ЖАЛГАСЫН *атб.* аң уулоого жөнөгөн адамдарды жол – жоосун менен узатып, кийин атылган аңдын этине орток болууга акысы бар адам (ал үйдө калат).

ЖАЛГАЧЫ *пам.* өлгөн козунун терисин башка козуга жаап, койго эмизүү; «*жакшыга түшсөң жарыйсың, жаманга түшсөң карыйсың» деген, ону жалгачы кыл.*

ЖАЛГЫЗ: **Сатыбалды жалгыз** *жерг.* күүнүн бир түрү (Сатыбалды аттуу жетим бала бир кызга өтө ашык болуп калат. Кыз адегенде ага макул болот, бирок кийин убадасын танып, башка бирөөгө турмушка чыгат да, күйөөсү экөө Сатыбалды уктап калганда, аны атып салышат. Күү ошол окуя жөнүндө чертилет).

ЖАЛДЫК *чатк.* 1. төөнүн кооз токуму; 2. *жерг.* жалпы эле кооз жасалгаланган токум; *ахы, онову жалдык салган кимнин аты?* **төө жалдык** *тал.* төөнүн башынан мойнуна чейин жаба турган кооз чачыктуу жабуу.

ЖАЛДЫРАМАЙ *ыск.* жалдырап калуучулук; *жалдырамайың кармап калдыбы?*

ЖАЛЖАЙМА *сок.* 1. жалжагай нерсе; 2. бош, эрди жалжагай адам; 3. *терг.* эрин, ооз; *шоркуратма, шоркуратманын алды жалжайма.*

ЖАЛЖАЙМАТ *ыск., чүй.* жалжайган адам; *оозу чоң киши жалжаймат.*

ЖАЛЖАЙЫҢКЫ *ыск., чүй.* жалжайыбыраак көрүнгөн нерсе; *жалжайыңкы көрүнүп турат.*

ЖАЛЖАКЕ *ыск., чүй.* жажандай берген адам; *жалжаке жөн отурчу!*

ЖАЛКАК *батк.* жылгаяк, сыйгалак муз, таш, жер; *жалкак музга жыгат.*

ЖАЛКАНЧАК *тяньш.* жалтанчаак; *жалканчак ат болуптур.*

ЖАЛКОW *жерг.* 1. арамза; 2. жалкоо.

ЖАЛКООРУН *тоң.* жалкоотай; *жалкоорун болгон киши экен.*

ЖАЛКООРУНДА *тоң.* жалкоотойлук кылуу; *жалкоорундавай иште.*

ЖАЛКООТОЙ *түнд.* 1. жумуштан, жемелөөдөн, кагуудан көңүлү калып калгандык; *ай ушу сенин ишиңен жалкоотой болуп бүттүм*; 2. сез алдырып, чочуп, коркуп калгандык; жалтак болгондук; *жалгыз жүрүп жалкоотой болдум.*

ЖАЛКООТОЙЛУК *түнд.* жалкып калгандык; *ай, арам, жалкоотойлугуң кармап турабы.*

ЖАЛКЫН *батк.* 1. бешиктин алкагы; *биз жакта жалкын дейт*; 2. *лейл., өзг.* бешикти терметкенде кармоосу туура узун жыгачы; 3. *чүй.* жаактын өң жагы; *жаагымдын жалкынын ак кыл басты*; 4. *пам.* көөрүктүн артына туурасынан коюлуучу жыгач; *көөрүктү жалкынынан кармап көөрүктөтөт*; 5. *атб.* буттун таманынын туурасы; *буттун жалкыны өсүп кеткен*; **көк жалкын** *суз.* көк майсан; *көк жалкын болуп үлвүрөгөн.*

ЖАЛМА: жалма-жукта *түнд.* тыптыйпыл кыл.

ЖАЛМАЙ *чүй.* салбыроо; *жалпайып турган сеники, жалмайып турган меники* (таб. бычак, бүлөө).

ЖАЛМАЙТ *түшт.* эсиңе келгир, жөнгө сал.

ЖАЛМАН *тал.* 1. шыпылдап тез орок оргон киши; *орок оргон жалмандай ойо кирип жапырды*; 2. *чүй, терг.* тил; *он отузга берет, отуз жалманга берет, жалман жардан ашыра живерет* (таб. кол, тиш, тил, кекиртек).

ЖАЛООКЕР *батк.* жароокер, боорукер.

ЖАЛПАЙМАТ *ыск.* жалпайган адам; *оо кайран, Самат жалпаймат.*

ЖАЛПАЙЫҢКЫ *ыск., чүй.* жалпагайыраак нерсе; *жалпайыңкы таш.*

ЖАЛПАК *жжол.* топ таш ойнунун бир фазасы (бул фазада сол колду жалпагынан жерге коюп, жанына топ ташты экчеп, жердеги таштарды колдун бир жагынан экинчи жагына бирден ташып өтүп, анан аны чогуу алат); **жалпак тил** *түнд.* уруунун аты; *Саруунун ичинде жалпак тил деген топ бар* (саруунга дагы: жангир, жанычкак, жарике, жолболду, жолжакшы, кадим, касмат ж.б. кирген).

ЖАЛПООЧ *жжол.* жайында майрам күндөрү дикек, үртүктүн алдынан атка салына турган жука, гүлдүү кооз жабуу (сал. кулакчын, үртүк, дикөк); *кажымдан жалпооч жапчу элең.*

ЖАЛПООЧТО *жерг.* атты токулгалоо; *жалпоочтоп, сәтәң токуп миневиз.*

ЖАЛПЫРМАК *батк.* өсүмдүктүн аты (сары гүлдүү, баш алган, тоо өсүмдүгү).

ЖАЛПЫС *түшт.* жалбыз; *арык бойуда жалпыс, жалпыстын шагы жалгыз* (мак.); **сары жалпыс** *зам.* жалбыздын бир түрү; *сары жалпыстын өзөгү каттык болот*; **уй жалпыс** *жерг.* ак түстүү гүл ала турган жалбыздын бир түрү; *уй жалпыстан гүлдөстө жасадык.*

ЖАЛТ *жерг.* 1. андоостон, чукулунан адамды коюп же чаап жиберген киши; *жалт адам экен*; 2. *түшт.* топу катмай ойнунда "топу катылды, таап ал" деген сигналды

билдирүүчү сөз; **жалт этти** *жерг.* балдар эки топко бөлүнүп, тыйын жашырып ойноо (түндүктө бул оюн "тыйын катмай" ойну деп аталат).

ЖАЛТАҢ *тал.* 1. бети жылмакай зоо, аска; *жапыс тоwдун бетиндеги жалтаңда*; 2. *өзг.* бүркүттүн бир түрү.

ЖАЛТАҢГАРА *түшт.* камбар ата; *жылкынын пири – жалтаңгара.*

ЖАЛТЫР *кочк.* жалтылдак; *жалтыр кара живек кемсел.*

ЖАЛЦЫ *баткч. к.* жалчы (сал. карбд. залцы).

ЖАЛЧА *жерг.* шалча.

ЖАЛЧУУР *батк.* жыргал; *жатып алсаң тим эле жалчуур турмуш болову?*

ЖАЛЧУУРУН *батк.* жарый тургандай, көңүл тойгудай иш, оокат; *жалчуурун тирилигим жок.*

ЖАЛЧЫ *зам.* 1. койчу; *жалчы өзүнүн койлорун көздөй жөнөдү*; 2. *түнд.* жалпы эле колунда эчтеке жок кедей; *жарды, жалчы экөө эле.*

ЖАЛЧЫЛ *пам.* жалчытуу, жыргатуу; *кыркта болсоңор билип жалчылтпайсыңар.*

ЖАЛЧЫМАЛ *өзг., лейл. к.* жалчыман; *силерге атап жалчымал жасадым.*

ЖАЛЧЫМАН *жерг., батк., лейл.* 1. нанды майда кылып туурап, ага май аралаштырып жөөчү тамак (кээде жалчыман талкандан да жасалат да, көбүнчө жаңы төрөгөн аялдарга берилет); *жалчыман кылайын десем күн кечтеди*; 2. майга кат – кат кылып ороп жасаган нандын бир түрү.

ЖАЛЫВЕК *лейл.* абат уруусунун ичиндеги күжөнгө кошулчу топ (бул топ Баткендеги Орто – Боз деген жерде жашаган).

ЖАМ I *пам.* жак, тарап; *найман – кыпчак – бир жам, тейит кыдырша бир жам*; **жам тарт** *түшт.* ык тарт, боор тар; *мага жам тартып көп келчү болду.*

ЖАМ II *алб.* 1. эки жагында туткасы бар, бөйрөктүү келген, оозу кенен карапа идиш; *жамга суw куйса да болот*; 2. тепши, дагыра.

ЖАМАА *түшт.* 1. коом, коомчулук; 2. селолук советтин председатели; 3. *тяньш.* айыл, топ аймак; *жамаадагы элдин баары ойгонду.*

ЖАМААТ *ичк., түшт.* 1. бир топ, бир уруу эл; 2. бир айыл, бир кыштак журт; *бир жамаат элвиз*; **жар – жамаат** *өзг.* журт, урук – тууган эл; *Өзгөн дөлө жар – жамаатка бай.*

ЖАМАГАТ *түшт. к.* жамаат; *жамагаты жаздоого чогуу чыгышкан.*

ЖАМАЖАЙ *ыск.* ууртту кычыгы; ууртту кызарып кесилип оорушу; *жамажай болгон турвайсыңбы, оозуңду кере ачпа.*

ЖАМАК: кара жамак *чүй.* кургак чечендик; *кара жамак неме экен, "атасы коңуз ата албагандын баласы тоңуз" дейт.*

ЖАМАЛ *батк.* өң, жүз; *жамалыңа эч киши тойбос деймин, Мырзайым*; **сәйип жамал** *жерг.* өтө сулуу, өтө өңдүү.

ЖАМАН: жаман болголу болдум *жерг.* кыйналдым; **аты жаман** *өзг.* сыздоок, чыйкан; *"жаманды кудай не алвайт, жаткан төwгө мине алвайт", буга аты жаманнан да чыкпайт.*

ЖАМАНАК *пам.* уруунун аты; *даланды жаманактар "айван" дешеттер* (жаманак кыпчактарга кошулган).

ЖАМАНДАК *түшт.* уруунун аты; *сайактарда жамандак бар.*

ЖАМАНАЙ *жерг.* кыпчак уруусунун бир тармагы; *жаманайдын эмнеси бар, жарты таргагы бар* (мак.).

ЖАМАНДЫ *чүй.* 1. жаман; *жамандыраак чайканага барып отурушат*; 2. уруунун аты; *жаманды да сайакка кирет.*

ЖАМАТЫЛУW *жжол.* жамачылуу; *жаматылуw кийим жок.*

ЖАМАЧЫЛА *тал.* жамакта; *ал жамачылап сүйлөгөн сөзмөр.*

ЖАМБАКЫ *тал.* мал ууру; *жамбакыдан бир тобу жоголду.*

ЖАМБАЛАК: жамбалак ботом *лейл.* күүнүн аты; *өсөр бала пышык болот, жамбалак ботомду черт.*

ЖАМБАРАК *түнд.* уруунун аты; *жамбарак–сайактын бир бутагы* (саякта дагы: дуулат, дөөлөт, жангир, жанычкак ж.б. уруктар кирген).

ЖАМБАШЧЫ *пам.* күрөшкөндө дайыма жамбашка сала коюп жыккан адам.

ЖАМБАШКӘШ *түшт.* 1. жамбашка салып күрөшкөн адам; 2. жамбаштын тушуна келүүчү шибеге, темене ж.б. кабы (уста же мергенчилерде болот).

ЖАМБАШТЫК *тоң.* күйөө баштык; *үйлөнүү тойунда жамбаштык үчүн сексен сом берди.*

ЖАМБАШЧЫЛ *батк.* жамбашка сала коюп жыкма ыгы бар киши; *бизде жамбашчыл дейт да.*

ЖАМБИЛЕК *алб.* майда өрүлгөн чач; *кайнене көңүлүн сыйлап, жамбилик кылып өрүп берейин.*

ЖАМБОЗ *өзг.* бүркүттүн бир түрү; *жамбоз, келтебоз, чөл сөгөл деген бүркүттү билем.*

ЖАМБЫЛ *түшт.* 1. гүлдүү чөптүн түрү; *жамбыл жыттуу гүлү бар чөп;* 2. каалга, түркүккө түшүрүлгөн оюу – чийменин аты; *жамбыл–чийменин аты.*

ЖАМБЫЛЫК *жерг.* жылкынын санындагы ичке узун кеткен чуңкур изче; *аттын жамбылыгы чыккан экен.*

ЖАМГЫР *пам.* 1. мөндүр (Памир, Каратегинде "мөндүр" деген сөз айтылбайт); *"үйдө чәксә уну жок, там башыда кам дандыр"* (мак.) *киши экен, жамгыр түштү, энди не кылат?;* 2. *түнд.* жаан; *жамгыр төгүп, куу болдук*; **кара жамгыр** *тал.* ак жаан.

ЖАМГЫРЧА *пам.* өткүн; жамгырча болду; *кәттә жамгырча катуу жааган өткүн.*

ЖАМЗА *лейл. к.* жауза; *аты–улук, супарасы — курук* (мак.) *неме, жамзада эле түгөтүп алды.*

ЖАМПА I *түшт.* 1. жапма; *эшикке жампа кылып арта салып жаткан*; 2. *тал.* чөптү тутамдап, кыя чаап оруу ыгы; *жампа кылып ором.*

ЖАМПА II *кочк.* чампа; *кургак жампа менен койон томукту тиги капка салам.*

ЖАМПА III: уй жампа *тал.* тоо пияздын бир түрү.

ЖАМПАГАЙ *ыск., чүй.* жампайган нерсе; *жампагай тартып калыптыр.*

ЖАМПАЗ *ыск.* бүркүттүн бир түрү (көзү кызыл, мойну узун, баатыр, тумшугу калжагай бүркүт); *коңшуң көр болсо, көзүң кыс* (мак.) *дегендей мен да бүркүтчү болуп жампаз салам.*

ЖАМПАЙЫҢКЫ *ыск., чүй.* жампайыбыраак тарткан нерсе; *аа, жампайыңкы тарткан кургурум, келип калдыңбы?*

ЖАМПАК *жерг. терг. к.* таптама; *эки диң–диң, төрт жампак* (таб. төөнүн эки өркөчү, төрт таманы).

ЖАМПАЛА *тал.* чөп, эгин ж.б. жампа кылып оруу; *тиги чөптү жампалап сал.*

ЖАМПАЛАҢДА *түнд.* жампалаң – жампалаң этүү; *ий, жампаландаган балекетиңди алайын!*

ЖАМПЫЗ *жерг.* бузулбаган бүтүн нерсе; *жампызын бузбай берчи эде.*

ЖАМШЫГЫЙ *ыск.* бир жагына кыйшая баскан майрык адам; *жамшыйган түгөт, жүйүртө бас.*

ЖАМШЫЙМАТ *ыск.* жамшыйган

адам; *жамшыйматсың, ээ, жамшыймат.*

ЖАМШЫЙЫҢКЫ *ыск.* жамшыбыйыбыраак нерсе; *жамшыйыңкы көрүнөт го мунуң.*

ЖАМЫ *жжол.* жалпы, бардык; *жавыгынан ай чыккан, жамы журттан бай чыккан.*

ЖАМЫЛ *кашк.* эл келе турган жай, орун; *"эшеги бир тилле, токуму миң тилле"* (мак.) *деп келип жамылга отурду.*

ЖАМЫНЦЫ *баткч.* жамынчы; *жазда жамынцыңды ала жүр, кышта өзүң билесиң* (мак.).

ЖАН *пам.* каяша айтып көңүл калтыруу; *баласы атасыга жанган экен, шонон бери баласын жаман көрөт.*

ЖАНА: жана жер *зам.* жантык; *жана жер да айтат.*

ЖАНАГИНТ *түнд.* жанакыдай кыл; *жанагинтсе эмне болот.*

ЖАНАЖАН *лейл.* эң кымбат, эң асыл; *"тандаган тазга, тайгылат музга"* (мак.) *жанажан.*

ЖАНАЙ *түшт.* уруунун аты; *адигиненин ичинде жанай бар* (адигине дагы: жапек, жаманкара, давлет, жолдош, жору, илчивек, итим, каз, кайнар, калматай, караваш, каравагыш ж.б. уруулары кирген).

ЖАНАЙАК *ыск., чүй.* 1. насбай ийлей турган жыгая аякча; *жанайакты алып келчи, асмай ийлейин*!; 2. *атб.* тегирмендин долусунун түбүндөгү чөйчөкчө; *жанайактан жем түшүрөт.*

ЖАНАЙЫМ *жжол.* эркелетүү иретинде кайрылуу сөзү; *атан төмө мас болсо, тайлак менен дос болот* (мак.) *жанайым.*

ЖАНАЛДА *түшт.* күйүп – бышуу, жан – алакет кылуу; *тыракторун жүргүзалбай жаналда.*

ЖАНАН I *лейл.* 1. чырайлуу, сулуу (аялдарга карата айтылат); *сиздин айалыңыз да жанандардан калышпайт;* 2. *өтм.* өзүмчүл, бой көтөрмө.

ЖАНАН II *чүй.* 1. чоң чыны; 2. *тал.* чоң сырдуу аяк; *жананга куй.*

ЖАНАҢКЫ *жерг.* келерки; *жанаңкы жылы барып калар.*

ЖАНАРЫК *тал.* ок арыкты жандай чапкан кичине арык.

ЖАНАТАН *ыск.* баятан; *жанатан кайда бардың?*

ЖАНАША *лейл.* килемге түшүрүлүүчү көчөттүн аты.

ЖАНБАС *батк.* күйүм; *жанбасын турат.*

ЖАНБАСАР *лейл.* күйөрман; *жигит болсо шок болсун, шок болвосо жок болсун"* (мак.) *деп, жанбасар болдуңуз.*

ЖАНБОЗ *лейл.* түштүк кыргыздардын легендасы боюнча байыркы заманда кыргыздар тараган жай; *тарткан йәм тең, баткан йәм тең (мак.) деп, Жанбозго кетмекпиз.*

ЖАНДА: жандап чавар *лейл.* жасакер; *күмүштөн беде йә билегим, күйүттө беде йә тилегим деп, кошту жандап чавар.*

ЖАНДАКОР *чүй.* күйөө жолдош; *жандакорду ырдат дедим.*

ЖАНДАЛ *батк.* жандануу; *путу энди жандалып келатат.*

ЖАНДАМА *кар.* 1. тоонун этек жагындагы апайтөш жер; *жандамада бир булак, калбады сенде бир чырак;* 2. *батк.* адамга жакын киши.

ЖАНДАР: арсек жандар *лейл.* эрке тентек; *арсек жандарың ийлэп жатат.*

ЖАНДАРАТ *жерг.* тоют; *чөп – чар жандаратты жейт.*

ЖАНДАРМАН *пам.* жандуу, тың; *жандарман деген шо.*

ЖАНДЕМЕ *жерг.* жандими.

ЖАНДОWЛО *пам.* жандап кетүү; *жандowлоп кетип, кайкавай калды.*

ЖАНДОWЧУ *зам.* күйөө жолдош; *Волеке маңа жандowчу болду.*

ЖАНДООРАК *түшт.* жандап жүрүү; *өзүң жандоорак жүр.*

ЖАНДЫК I *суз.* 1. кой – эчки; *пахтаны жандык мал кәм жейт;* 2. *түнд.* жалпы эле мал; *канча жандыгың бар?*

ЖАНДЫК II *тал. к.* жалдык; *төw жандыкты көчкөндө төwтө жапчу экен.*

ЖАНДЫРМАЧ *түшт.* 1. жаңылмач; *жандырмачты не кылам?;* 2. *өзг.* кайталап куу (букага карта); *жандырмач кылган экен да.*

ЖАНДЫРЫШМАК *батк.* табышмак.

ЖАНЖАР *түшт.* жаңжал; *"өзүнү билвеген, өзгөнү көзгө илвеген" (мак.) жанжар да.*

ЖАНЖЕМИЛ *түшт.* өсүмдүктүн аты (бул өсүмдүк элдик медицинада дары катары колдонулат).

ЖАНЖӨРВӨС *ыск.* жолу, ашуусу, адамы, айбаны жок жер, тоо; *жанжөрвөскө барат экен.*

ЖАНКОРОС: оң жанкорос *суз.* илгери урушта колдонулган ураандын аты (легенда боюнча "жанкорос" кыргыздын түпкү аталарынын бири болгон).

ЖАНООЗУР *жерг.* жыргал; *жаноозуру кайда бар?*

ЖАНПЕЙИШ *жерг.* бул дүйнө; *жанпейиш жәйдән азавыз.*

ЖАНСАРЫК *ичк.* тейит уруусунун бир тобу.

ЖАНСАКТААР *жерг. терг.* бөдөнө; *жансактаар куштун гөшүн сагындым.*

ЖАНСЫ *жетг.* чанзы.

ЖАНСЫПАР *өзг.* жан жөкөр; *Шайвылданын жансыпары болгон.*

ЖАНТАГАЙ *ыск., чүй.* жантайган нерсе; *мына, жантагай тартып отурат.*

ЖАНТАЙ *жерг.* жантайма; *жокор жагы бowур, ылдыйыш жагы эңкейиш кеген жерди жантай дейт.*

ЖАНТАЙМА *лейл.* 1. кеште, оймонун бир түрү (сал. пычак учу); 2. эриши жети жиптен токулган таар.

ЖАНТАЙЫҢКЫ *ыск., чүй.* бир аз жантайган өндөнүп көрүнгөн нерсе; *жантайыңкы салынган эшик.*

ЖАНТАК I *жерг., батк., чатк.* өсүмдүктүн аты (бою жапыз, жалбырагы чоң тикендүү өсүмдүк, төө жакшы жейт); *чөп керек болсо, төw мойнуну жантак чөптү жейт (мак.);* **жантакка сүйрөйүнбү?** ◊ *зам.* кыйнайынбы?

ЖАНТАК II тоонун этеги.

ЖАНТАКЗАР *зам.* жантак өсүмдүгү көп жер; *ойгы жантакзар.*

ЖАНТАКТУУ *түшт.* жантак өсүмдүгү көп өскөн жер; *жантактуу дөвө.*

ЖАНТЕГИРМЕН *жерг.* канаттуунун аты; *жантегирмен жандowчу.*

ЖАНУЙА *пам.* көңүл, ой, санаа.

ЖАНУУР *тоң.* тоонун айдөшүрөөк келген жери; *жануур менен ызылдап жөнөдү.*

ЖАНЧ *жерг., зам.* 1. темин басуу; *кырман жанчтым;* 2. *түнд.* адамды же башка бир нерсени токмоктоп ийлөө; *жанчып сабап койуптур.*

ЖАНЧАР *ноок.* урушчаак; *жанчар әкәм келатат.*

ЖАНЧЕК *батк.* өтүктүн бир түрү (тигиши эки капталынан болот да, мыкты булгаарыдан ултарылат); *Атавайдын путуда жанчек өтүгү бар* (жан таж. "сөк, тил кес" — жанынан тилинген).

ЖАНЧКЫЧ: май жанчкыч *жжол.* жуваз.

ЖАНЧУW *ичк.* 1. темин; 2. кол менен эгин токмоктоо; *келсең жолду ow торогон, энеңди сурар атаң жок, жанчувуңду кыл.*

ЖАНЧУУР *чүй.* соку, сок билек; *жанчуурду кармап туруп, кавыргасы каркайып, кийген тондун сыртында; алтын көсү жаркырап, курсагынын ичинде* (таб. кол панар) *деген тавышмак айтты.*

ЖАНЧЫ *жерг.* күйөө жолдош; *жанчы жүргөндөрдүн кулагыны чозгула.*

ЖАНЧЫК I *түшт.* чөнтөк; *жанчыгына кол салды* (Памирде "чоң – той" деп аталат).

ЖАНЧЫК II *жерг., чатк., лейл., суз.* 1. темин; 2. *өзг.* таш мала; *мурун эгинди жанчык менен басчу эдек.*

ЖАНЧЫК III *жжол.* саман – топон; *оозун бууган жанчыкка торпокту алган экенсиң.*

ЖАНЧЫКЧЫ *лейл.* темин баскан адам; *гәп айтуwга тили жок, тилдүүwлөрдөн бат сүйлөйт* (таб. тараза) — *деди, жанчыкчы.*

ЖАНЧЫМАЛ *жжол.* өрүк, жаңгактын сокуга салып жанчылган маңызы; *жанчымалды казанга салып, кайрып кызытканда май чыгат.*

ЖАНЧЫМАН *түшт.* 1. тамактын аты (нанды үзгүлөп, майга чыктап, кол менен жейт); 2. мыкчымай; *жанчыманды алып: акпайт, күйвөйт, кете берет деди.*

ЖАНШАК *суз.* ызы – чуу; *ити-кушу уктатпас, кандай жаншак девеңер.*

ЖАНЫМА *ал.* жанытып айтылган маанидеги сөз; *о сөздүн жанымасы бар.*

ЖАНЫНЧА *пам.* кырынча, кырынан; *күрөшкөндө жанынча жыгылды.*

ЖАҢ: жаң–жуң *түшт.* ызы – чуу; *жаш балдардын жаң–жуңу.*

ЖАҢА I *өзг.* жанакы; *жаңа киши эмне деди.*

ЖАҢА II: жаңа эле *батк. жаңа эле.*

ЖАҢАЙЛАК *суз.* жылаңайлак; *жаңайлаксың, чөптү корлосоң көзгө түшөр дегенди унутпа.*

ЖАҢАК *суз.* жаңгак; *Сузак, Өзгөн, Баткенде жаңак дейт*; **төвөңө жаңак чагам** ◊ *өзг.* көргүлүктү көрсөтөм, таяктайм, урам деп коркутуу; **жаңак утушуу** *өзг.* жаңгакты кенге тизип утушуп ойноо (анын төмөнкүдөй түрлөрү бар; 1. кумпа — беш жаңгакты бирөө тигип, экинчиси атып, тийгизе бүт алуу түрү; 2. кават — бир нече жаңгактын аралыгын бир метрдей кылып тигип, анан атып ойноо фазасы); **ак жаңак** *суз.* жаңгактын бир түрү; *камчы менен эле ак жаңакты бир чаапты*р; **ат жаңак** *батк.* абдан чоң, дандуу, таттуу, эң жакшы сорту; *ат жаңактан ywулга пасиликке кылдым*; **дыйкан жаңак** *суз.* колго өстүрүлгөн жаңгак; *"ата өлсө бала бар ному жерде калбаска, төө өлсө тайлак бар кому жерде калбаска" деп макал айтты дыйкан жаңактын тәгидә;* **жер жаңак** өсүмдүктүн аты (майда тоголок кызгылт даны бар буурчак сымал өсүмдүк. Бул өсүмдүк эгилип өстүрүлөт. Гүлдөгөн кезде гүл ачкан сагактар жерге көмүлүп таштала*т, кийин ал казылып алынат) жер жаңактан сатып алдык*; **кагаты, каңаты жаңак** *батк., суз.* жаңгактын мөмөсүнүн бир түрү (жакшы, жумшак, даамдуу сорту); *каңаты жаңактын сөөгү жука, өзү чоң–чоң болот*; **каңырт жаңак** *суз.* жаңгактын бир түрү (кабыгы жука жаңгак); **кара жаңак** *батк., суз., базк.* күзүндө жерден терилбей кар астында калып, жазында чогултулган жаңгак; *жазында кара жаңак терип алавыз*; **катмы жаңак** жаңгактын бир түрү; **катын жаңак** *жумг., тторо., базк.* өсүмдүктүн бир түрү; *бизде катын жаңак өсөт* (бул жаңгак Арсланбап токоюнда болот, анын жаңгагы

кичинекей болуп, кабыгынын өңү кызыл келет. Жергиликтүү айрым адамдар андан теспе жасап алышат Аялдар мойнуна шуру катары тагынышат); **кевез жаңак** *өзг.* мөмөсүнүн кабыгы жука, сыйда, тоголок келген жаңгактын сорту; **коргоол жаңак** *батк.* кичинекей, катуу эмес, чүчүсү аз жаңгак; *коргоол жаңак алдыңбы?;* **көр жаңак** жаңгактын бир түрү; *көр жаңакты чакканда даны алынбай йам калат;* **куш мээ жаңак** *түшт.* жаңгактын бир сорту; **кызыл жаңак** *суз.* кабыгы сыйрылган жаңгак*; кызыл жаңак улам көвөйө берди*; **майлу жаңак** *батк.* жаңгактын бир түрү (даны майлуу болуп таттуу келет); **маңыз жаңак** жаңгактын данеги; *чымчык семирип батман болвойт деген сөз бар, маңыз жаңак алтын болот беле*; **таш жаңак** *батк.* сөөгү абдан катуу, анчалык чоң эмес жаңгак; *таш жаңакты тишим менен чагам деве*; **тизме жаңак** *батк.* 1. кабыгы өтө жука, майда – майда тешиктери бар, сүйрү, даамдуу жаңгактын сорту; 2. жаңгактын кабыгынан ажыратылып жипке тизилген маңызы; **тоо жаңак** тоого жапайы өсүп чыккан жаңгак; *тоо жаңак күвүлүп түшкөн учур;* **торгой мээ жаңак** *түшт.* жаңгактын бир сорту; **чоң жаңак** *батк.* жаңгактын бир түрү (кабыгы жука, өңү жылмакай, маңызы чоң – чоң болот); *чоң жаңакты алып бер;* **чукума жаңак, чукулама жаңак** данын чукуп ала турган жаңгактын түрү; *чукума жаңгакты сындырыш кыйын* (бул жаңгактын кабыгы катуу, даны майда, маңызы чукума болот).

ЖАҢАЛМА *өзг.* жагалмай; *баш аман болсо баш кийим табылаар дегендей жаңалмай да табылаар.*

ЖАҢАРАТТА *батк.* жанааракта; *атам жаңаратта өйөккө кетти.*

ЖАҢГАКЗАР *ар.* жаңгагы көп коюу жер; *полот пычак кынсыз калвас, жүрү жаңгакзарга.*

ЖАҢГАЛ *пам.* чөнтөк; *пулуң болсо жаңгалда шорпо* (мак.).

ЖАҢГЕК *суз.* скоба; *бар мактанса табылар, жок мактанса чабылар, жаңгек жок, кана болову — болвойву?*

ЖАҢГЕЛ к. аңгел.

ЖАҢГЕР *жжол.* согушчул; *жаңгер Нүзүп миң башы деген болгон.*

ЖАҢГЫЗ: жәнпәйил жаңгыз *пам.* 1. памирдик кыргыздарда кеңири тараган жогорку баалангган оозеки ыр дастаны (мында беш адамдын жалгыз адамды алдап өлтүргөндүгү, агасы үчүн карындашынын өч алгандыгы баяндалат); 2. күүнүн аты; *жәнпәйил жаңгыз муңдуw гүw*; **сок жаңгыз** *пам. терг.* төөнүн куйругу; *соголору сок жайгыз.*

ЖАҢГЫРА *пам.* жаңыруу; *чаканы таштаса жаңгырап калат.*

ЖАҢЖАР *жерг.* жаңжал, чатак; *атам менен энем жаңжар кылып жатат.*

ЖАҢК *түшт.* чеңгел, ууч; *кош жаңкеп сузуп алды.*

ЖАҢКАШКА *өзг.* уруунун аты (кээде ал "жаңы кашка" деп да аталат); *бизде жаңкашка деген эл бар.*

ЖАҢКАР *лейл.* жасакер; *жаңкор экен " түзөлө турган көзөлгө тавып өзү тавылар;* (мак.) *деди.*

ЖАҢКЫЛ *ыск.* жаңкы; *жаңкыл киши "айак жүгүрүгү ашка, ооз жүгүрүгү башка" деген макал айтып берди.*

ЖАҢКЫЛДА *түшт.* 1. чаңкылда; *жаңкылдаган давыш угулуп калды*; 2. шаңкылда; *иттердин жаңкылдап үргөнү угулат.*

ЖАҢСАЙ *жетг. к.* чанзы; *жаңсайларды таптап курчутту.*

ЖАҢСЫЛ: бир жаңсыл *түнд.* 1. бир жактуу; *бир жаңсыл иш жасайлы;*

2. *зам.* тир тарап; *ойунда жигиттер бир жаңсыл ойношот.*

ЖАҢТЫЙ *алб.* жантык; *ашык алчысынан жаңтый турду.*

ЖАҢЧА *түшт.* өрөпкүү; *жаңчап ыйлайт.*

ЖАҢШААК I *жжол.* күн жаанчыл болуп бүркөлүп, жерди туман каптап, суук тартып турган учур; *күн жаңшаак болуп турат.*

ЖАҢШААК II *батк.* үндүн жаңырыгы; *жаңшак таштай мунча кайталайсың.*

ЖАҢШАТ *батк., суз.* безеленип күйүп – бышып ырдоо; *жаагы тымбай жаңшап эле калыптыр;* **жаңшап ийлэйт** *батк.* тынбай озондоп ыйлайт.

ЖАҢШАН I *пам., жерг.* түйшөл, какшан; *көп жаңшанбай кел десе.*

ЖАҢШАН II *түшт.* безөө; *дөңгөлөктөр жаңшанып кыйчылдайт.*

ЖАҢЫ *батк.* жана; *жаңы мен сени издедим.*

ЖАҢЫЛМАЙ *түшт.* жаңылмач; *жаңылмай, түймө, пайтава, сыйыр, тукум деген сөз бар.*

ЖАҢЫЛТМАЙ *түшт.* эки адам бири – биринин атын атабоого макулдашып шерттешип, анан белгиленген күнү озунуп, биринин атын бирөө мурда айттырып утуу ойну; *жаңылтмай ойну да ойнолот.*

ЖАҢЫЛТМАЧ *пам.* жаңылмач; *жаңылтмачты биле бервейм* (кээ бирде "жандырмач" деп да аталат.

ЖАҢЫРТ *өзг.* шыңгырап чыккан үндү туураган сөз; *көмөлдүрүктөгү коңгуроонун жаңырт эткен үнү чыкты.*

ЖАҢЫРТТА I *батк.* кайра кайталап жаңылоо; *жаңырттап калат экен.*

ЖАҢЫРТТА II *өзг.* "жаңырт" эттирип үн чыгаруу; *ат кишенесе оwуздуругунун жаңырттаган үнү билинди.*

ЖАҢЫРЧААК *батк.* жаңырып үн чыгарган нерсе; *ээ, бу таш жаңырчаак экен да.*

ЖАҢЫРЫК *жумг., тал., жжол.* отун жаруу, эт чабуу үчүн ылайыктап кесилген дөңгөч; *жаңырык, күрсү боло* (Жерге – Талда "баталга", Ысык – Көлдө "жаздык" деп аталат); **таш жаңырык** *пам.* эч кимге сөз бербей көп сүйлөгөн адам; *кыздын севин жеткиришип таш жаңырыкта кетти.*

ЖАПА I *тторо.* там үйдүн дубалына узунунан бойлото коюлган төрт кыр жыгач; *бизде "жапа" дейт, түштүктө "серап" дейт.*

ЖАПА II *чүй.* жалгыз бирөө; *бул анын кокуй ишинин жапасы.*

ЖАПА III *батк.* колдун алаканын жазып, жайып турган учуру; *бир колуну муш, экинчисини жапа кылат* ("апыл – тапыл карай куш" ойнунда оюнду ким баштарын белгилөө үчүн өткөрүлүүчү фаза).

ЖАПАЙЫ *лейл.* килемдин баш – аягынан 50 – 10 см. түр салынбай эриш – аркак бири – бирине өткөрүлүп гана токулган жери (сал. жавайы).

ЖАПАКЕЧ *алб.* боорукер; *балага абдан жапакеч.*

ЖАПАКТА *түнд.* көздү ирмеп – ирмеп алуу; *көзүңдү эмне жапактатасың?*

ЖАПАКЕШ *жерг.* эмгекчил; *жапакеш да сүзмө калтага айран куйа койду* (сал. таж. чафокаш).

ЖАПАЛАК *ыск.* 1. канаттуунун бир түрү; *байкуш жапалактан көп мыктылык кылат*; 2. *жерг.* чикиттик баласынын таякка коюла турган жагы; *башы – баш, кайрак ташы, кайсынысы, жапалагы же жумурусу деп ыргытып, чикиттин жумурусу үстүнө түшсө сиз илик, жапалагы болсо биз илик болот*; 3. *жжол.*

уруунун аты; *жапалак – кош тамгадан.*

ЖАПАЛДЕШ *тал.* жапалдаш; *жапалдешсиң го жакендосту ала сал.*

ЖАПАН *түнд.* 1. ээн талаа; *жапан жерде эмне кылып жүрөсүң;* (сал. кыпч. йабан, тат. япан. ккалп. жабан, жапан, каз. жапан. Бул сөз топоним катары Тажикстандагы карлуктар жашаган жерде "йаван – йәвән" деген түрдө учурайт); 2. жапайы; *жапан доңуздар арпаны түртүп кетиптир.*

ЖАПАҢ *түнд.* саңоорлоп жааган кар; *жапаң–жапаң кар жааса, жаш куурай башын көтөрбөйт* (мак.).

ЖАПАҢДА *ыск.* жалпалактоо; *жаны калбай жапаңдайт.*

ЖАПАПИР *жерг.* азап, жапанын колдоочусу; *жаткырсам жапапиримди.*

ЖАПАРАДА *жжол.* ортолукта; *ал жапарада адам жыты жок.*

ЖАПАРЛАР *ичк.* чапкылдыкка кирүүчү топ; *Токо Сәвизтәң деген жердеги жапарлар деген урywдан.*

ЖАПАС *батк.* орунбасар; *мен йәм кәмисәргә жапас болгом.*

ЖАПКАК *суз., өзг., жжол.* кыштын күнү бутка тартына турган тегерек жука жыгач (жапкакты жука тактайдан, же көк чыбыктардан тегерек кылып, кайыш чарып жасайт да, кар жааганда бутка кийип алышат); *кар увагында бутка жапкак кийет.*

ЖАПКАНАТ *өзг.* бүркүттүн бир түрү; *жапканат, карачык, муз мурун деген бүркүттөрдү али көрө элекмин.*

ЖАПКАР *жжол.* кейүү, өксүү; *жапкарып ыйлайт бейбагың.*

ЖАПКУТ *суз.* ээрдин үстүнөн жаба салма жабуу; *жапкутту алып чык, балам.*

ЖАПКЫ: уз жапкы *жерг.* 1. келин көчүргөндө бетине жабыла турган тор; 2. өлгөн адамдын бетине жабылган чүпүрөк; 3. бир нече кишиге жеткидей жасалган узун жууркан (азыр бул өңдүү төшөк жасалбайт); *жүз жапкыны Чоң–Алайда жасашкан экен.*

ЖАПКЫЧ *өзг.* 1. канаттуулардын мойнундагы жүндүн канатты жаап турган узун жери; *тикендүү беренди мойнундагы жапкычтан тааныйт;* 2. *түнд.* бир нерсени жаап коюучу буюм; *терезенин жапкычын тартып кой;* **ал жапкыч** *чүй., ыск., тяньш.* фартук; 3. этек кап); *ал жапкычты алдыңыздан алгым жок.*

ЖАПМА I *жерг.* 1. улак тартканда улакты (торпокту) ат жалына ашырып эки жагын бут менен кысып алуу ыгы; 2. *жжол., батк., өзг.* атка, эшекке эки жагына теңделип арта салынган даны бар кап, жүк; *жолдо жапма ооп абдан кыйналдым;* 3. *жжол.* жүгөрүнүн түбүн бир аз көтөрүп, анан арык салбай туруп эле сууну жайып жиберип сугаруу жолу; *жапма, жайма кылып сугарат;* 4. *түшт.* үйдүн жалпак төбөсү; 5. кандайдыр бир нерсенин жалпак капкагы; 6. *түнд.* кандайдыр бир жашыруун жасалган тамак, иш; *бозону жапма кылып ичип жүрөм;* 7. *өзг.* бүркүттүн канатынын далдайып жерге карай бош таштап турган учуру; 8. *алб.* койдун чөпкө тойуп, чоң – чоң жалпак заң ташташы; *кой чөпкө тойуп жапма таштап калды;* **туура жапма** *түнд.* жалпак жабылган үйдүн төбөсү; **жапма бирден** *өзг.* ордо ойнунда биринчи кезекте кан атуу жолу (эгер экинчи ирет атылса "жапма чокон" деп аталат); **жапма салма** *жжол.* капка бөксөрөөк салынып, малга артылган эгин; *жапма салма беремин айлыңа алпар;* **жапма сугар** *жжол.* жайпатып сугаруу; *жапма сугарат, чөп болот.*

ЖАПМАЛА *алб.* жапма кылып заң таштоо; *койлордун жапмалаганына көп болду.*

ЖАППА *батк.* жалпы, бүт, баары; *ассалому алейкум жаппасыга.*

ЖАПРАК *тыньш.* тайпак; *жапрак мүйүз кичинекей көк уй.*

ЖАПСАЛ *чүй.* кокту, колот; *арава кылдырап жапсалга кирип кетти.*

ЖАПСАҢ *пам.* кабак жер; *жапсаңга йәм аппардывы?*

ЖАПСАР I *ичк.* тоонун бетиндеги дөңсөө жер; *жапсарда улар жүрөт.*

ЖАПСАР II *өзг., жерг., жжол., чатк., тал.* 1. атайын кооздолуп, оюу – көчөт түшүрүлүп, чачык чыгарылып согулган баштык (жапсар илгери ичкилик, басыз, кутчу, муңдуз, багыш өндүү уруулар жашаган территорияларда жайылып келген. Азыр Заамин, Өзгөн, Лейлек, Жаңы – Жол, Жерге – Тал, Мургаб ж.б. райондордо жолугат. Түндүк региондордо мурда да, азыр да жасалган эмес, таралган эмес. Жапсарды боз үйдүн ичине керегенин жогор жагы менен туурдуктун этек жагына илип, ага ар түрдүү кийим – кечек ж.б. салып койгон. Ал төрт бурч болуп, эни жана туурасы 70 – 90 см. келген. Кээде чачык чыгарылып, кээде чыгарылбай жасалган. Жапсар негизинен эки түрдүү болуп, өң жагына оюу, көчөт түшүрүлгөн. Кээсине кооздук үчүн капкалдырык жасалган. Өңүндөгү оюу – көчөттөр кызыл, күрөң, жашыл, акчаңгыл, саргыч түстө болуп калың токулган. Аны кой, эчкинин жүнүнөн, кээде жылкынын жал – куйругунан аралаштырып соккон. Түндүк райондордо жапсардын ордуна жабык баш, селкинчек колдонулган); 2. *тал.* идиш – аяк, жууркан – төшөк коюу үчүн там үйдүн ички дубалынын бетинен жасалган оюк жай (сал. текче); *жапсарга жарты нан койдум* (таб. ай); 3. тоонун капкак сымал жапкак тарткан жери; *жонос, белес болбой эле, жапсар тартып жатат.*

ЖАПСАРЧА *суз.* таштын далдаа жери; *жапсарчадан бирөө ат айдап чыкты.*

ЖАПСООР *тоң.* жапсар сымал тоо бети; *те алыскы жапсоордон элик бакырат.*

ЖАПСЫ I жыгачтын бетин тегиздей турган чоң сүргүч; *жапсы менен кыр.*

ЖАПСЫ II *батк.* бир беткей; *Ормош, Сырт, Бел, Чечме, Сур, Эшме, Жал бир жапсы.*

ЖАПШЫК *пам.* эти бошоп, жалпайыңкы тартып карыгандык; *кайнатам жаман кара нар жапшык.*

ЖАПЫЛДАК *түнд.* 1. жапылдап эрди – эрдине тийбей сүйлөгөн адам; *"атасы башка менен койон уулаба" дейт байакы жапылдак;* 2. *пам. терг.* ооз; *жап – жапылдак, жап – жапылдак үстүндө пыш – пышылдак, пыш – пышылдак үстүндө кайнар булак, кайнар булак үстүндө чийген камыш, чийген камыш үстүндө куw такыр, куw такырдын үстүндө кара токой* (таб. ооз, мурун, көз, каш, чеке, чач).

ЖАПЫРАЙЫҢКЫ *ыск., чүй.* 1. жалбырак; 2. *терг.* китептеги жазуу, тамга; *бир теректе миң бир эки жапырак;* 3. *тал.* жука жайылып кесилген камыр; *күлчөтайды жапырак кылып кес*; **арам жапырак** *өзбк.* ат кулак сымал өндөнгөн кичине өсүмдүктүн аты.

ЖАПЫРАКТА *тал.* камырды жукалап жайып кесүү; *жапырактап койгун деди Күлсүн.*

ЖАПЫРАҢ *пам.* жалпагай; *бойу жалпак эле жапыраң болот.*

ЖАПЫРМАК *жерг. терг.* ай; *миң бир чечек, бир жапырмак* (жылдыз, ай).

ЖАПЫРТА *ал.* жапырт; *жапырта ишке кириштн.*

ЖАПЫРЫК *жжол.* майда чыккан тал; *жапырык, сарымсак, балтыркан, сасык матал өсөт.*

ЖАПЫРЫНДЫ *баткч.* жерге жабышып өскөн өсүмдүк (арча, чөп...); *жапырында арпадан эки эшек отун апкелдим.*

ЖАР: жар–жар *лейл.* үйлөнүү тоюнда "дарыя" кагылып ырдала турган той ыры (көбүнчө аялдар, кыз – келиндер ырдайт. Ыр 10 – 11 мууидан туруп "жар – жар" деген сөз көп кайталанат:

"Кыйбаймын го өзүңдү бала мекен жар–жар,

Барар жерим дал сендей болор бекен жар–жар.

Ойноп–күлүп жүрөтүн жайран кагып жар–жар,

Курбу–курдаш ал жерден табар бекем жар–жар.

Туwган жерин ар ким сагынады жар–жар,

Алыс кетсе армандап камыгады жар–жар.

Ойноп–күлүп жүрөтүн жайран кагып жар–жар,

Курбу–курдаш ондо да тавылады жар–жар.

Ләвиздерин досторум балдай экен жар–жар,

Көңүлдөрүң киршиксиз кардай экен жар–жар.

Аке менен шешемди таштап барам жар–жар,

Бакытыма ата–энем кандай экен жар–жар.

Мәәни кетер ар нерсе сурай берсе жар–жар,

Мээсиз адам болову сынай берсең жар–жар.

Ата–анаң биздиңше изги жандар жар–жар,

Изгиликтен олорду сыйлай билсең жар–жар.

Жерлериңде аспалт жол болор беде жар–жар,

Алде жолу баткак сор болвос бекен жар–жар,

Менсинбейби автовус, тырамбайды жар–жар,

Кайран башым арбага кор болову жар–жар.

Чыга келсең биз менен жол бойуга жар–жар,

Аралайвыз даланы Волга менен жар–жар,

Зериктирсе көк Волга көңүлүңдү жар–жар,

Кыдыртавыз айылды жорго менен жар–жар.

Кээде "жар – жар" кызды көчүрүп алып баратканда да аны коштогондор тарабынан жолдо ырдалат. Жолдо кыз ыйлап жүрө берет. Анда – санда "кыз тынар жерине ыйлап барат" же "кыз жыргар жерине ыйлап барат" дешип коюп, кыз көчүргөндөр кете беришет. Кай бир учурда аларды жолдо тосуп токтотушат, анда аларга дасоромол берилет. Кайсы бир кезде жаш балдар ар кайсы жерге жолдун ортосуна от жагып коюшат. Бул болсо келиндин аягы оттой жеңил, элпек болсун, от колдосун деген тилекти билдирет. Үйгө жакын келгенде жар – жар айтуу токтолот. Кызды күйөө бала араба, аттан, же машинадан көтөрүп түшүрөт, анан ар бир 2 – 3 кадам сайын кыз, анын жеңеси, жолдош кыздары салам салып отурат. Босогого жеткенде кыздын жолуна ак материал төшөлүп, оозуна май салынат. Ал болсо — жолу ак, оозу майлуу болсун деген тилекти билдирген); **аман жар** *түнд.* сүйгөн жарга арналган элдик күүнүн аты; *боз дөвөнү айланган элдин ортосунда арман жарды чертип отурат.*

ЖАРА: жарасы бүтө элек ◊

батк. 1. мурунку калыбына келе элек учур; 2. *түнд.* мурунку азап – тозоктон, кектен арыла элек; **жаман жара** *зам.* күйдүргү; *алты жашар жаш бала жаман жара болову*; **көз жара** *жерг.* ооруунун аты; *көз жарага не дары?*

ЖАРАЗАК: эртеңгиси жаразак *лейл.* эртең дагы бир буюрганы болор.

ЖАРАК *тоң.* семиз жарактуу; *тайаке, бээң жарак бээ турвайвы?!*

ЖАРАКА *лейл.* жараңка; *алты кулач кыл аркан, жаракага кеткен бейм!*

ЖАРАКАНДЫ *чүй.* бир нерсенин жарылып, бөлүнүп түшкөн бөлүгү; *таш жаракандылары ойду көздөй кулады.*

ЖАРАКЕ *суз.* уруунун аты (мундузга кирген); *бир жараке жолборс көрүп атууга шерт кылган* (жараке тобу өз ичинен: белек уул, тогуз уул болуп бөлүнгөн).

ЖАРАЛУУ *чүй.* жарамдуу, мыкты; *жаралуу кызыл чалышты токуду.*

ЖАРАМАТТАН *тыньш.* асылып, жармашып калуу; *буга эмне эле мынча жараматтанып калдык.*

ЖАРАМСАЛДУУ *өзг.* сарамжалдуу (бул сөздө метатеза бар); *жарамсалдуу киши.*

ЖАРАНДАР I *түшт.* жандуу макулук; *жарандардын жаны — сен* (суута карата айтылып жатат).

ЖАРАНДАР II *өзг.* жарчы; *паттасын ыраак болжоп жарандары мактаган.*

ЖАРАҢКА *пам.* тешик; *жараңкага колун сала койуптур.*

ЖАРАШ *жерг.* 1. жарашуу; 2. жердин аты (илгери, 1917 – жылдан алда канча мурда кыргыз жана тажик феодалдары Ак – Мойнок деген жерди талашып, чоң чабыш кылышат. Ошондо түндүк Кыргызстандан Шабдан барып, феодалдар өз ара келишип, чабышты токтотушат да, Каратегинди бийлеген тажик паашасына Азимкан деген кембагалдын айдай сулуу кызы тартууланат. Кыргыздар Ак – Мойноктун жанындагы коктудан тартып чыгыш тараптагы жерлерге ээлик болот. Ошол жер "жараш" деп аталып калат. Бул жөнүндө атайын жазылган документ бөтөлкөгө салынып, ошол Жараштын башындагы дөңсөөгө көмүлгөн имиш. Бул сөздөр оозеки уламадан жазылып алынды).

ЖАРАШТЫР *лейл.* баланы бешикке бөлөрдөн мурда анын төшөк – пөшөктөрүн жылытуу, чаң – чүңүн кагуу ж.б.

ЖАРБАН *чатк. терг.* тил; *ормон жарбанга берди, жарбан жардан алыс ыргытты* (таб. беш салаа, тил).

ЖАРВЫЛАК *жерг.* жалвырак; *жети кулач кыл аркан жарвылактай дирилдейт.*

ЖАРГАК I *жерг.* жанаяк; *күрөктөй таштын тәгидә күмүшүм жатат терикпей, жаргагыны не кылам?*

ЖАРГАК II: көз жаргак *түнд.* куш, бүркүттүн үндөккө үйрөтөрдө көздөрүн кыл менен тигип таштоо; *бу куштун көз жаргагы тырмактай эле*; **булбулу жаргак** *ичк.* багелеги кооздолгон жаргак шым; *булбулу жаргак шым кийген жигит;* **жаргактай тырышкан** (кywраган) **адам** ◊ *алб.* катуу, сараң киши.

ЖАРГЫ *акт.* өз жол, өз иш; *бирөөнүн жаргысын койуп, өз жаргыңды жарып ал.*

ЖАРГЫЛЫК I *ыск., чүй.* жаруучулук; *бу дөңгөчтү экинчи жаргылык кылбасын.*

ЖАРГЫЛЫК II *жерг.* 1. жарамдуулук; *шу балаң жаргылык иш кылвайт*; 2. араң жан; *жаргылык эле жаның бар.*

ЖАРГЫЛЧАК *тяньш.* өсүмдүктүн аты; *жаргылчак деген өсүмдүк.*

ЖАРДЫВЕНЕК *пам. к.* жәрдименек; *жардывенек ойнойбуз.*

ЖАРЖАЙ *батк.* жагжай; *жаржайып көкүрөгү ачык.*

ЖАРКАНА *түшт.* ысык сүйгөн жан; *жаным – жаным жарканасы.*

ЖАРКАНАТ *жерг.* жарганат; *жар башыда жарканат, жәтип алып карганат* (таб. чевиртке); **кәттә кулак жарканат** *батк.* жарганаттын бир түрү; *кәттә кулак жарканат кармап алдык.*

ЖАРКЕП *тал.* жаркөп; *эңилтип камчы салдырва, эжеңе наалат алдырва, түгөт, жаркеп жаса.*

ЖАРКЫ *өзг.* жаркыра; *айдай жаркып түз айтат.*

ЖАРКЫН I *пам.* 1. жарык, ачык; *ай жаркын тийди;* 2. *түнд.* уруунун аты; *жаркын бугуга кошулат* (бугуларга: ак күп, ак күчү, желдең, жоолчу, жоо татыр, итийбас, капсалаң, карабоор, карамырза, каратакыя, кедей, кожош, койке, кувул, кутуй, кутулду, кыдык, мажык, майнасар, манак деген уруулар кирген).

ЖАРКЫН II *батк.* бешиктин алкагы; *бешиктин жаркынын кармап алып "бешиктин эгеси келди, күчүклөрү качсын, уйкучу мамасы койнуну ачсын" деп баланы бөлөдү.*

ЖАРКЫТ *пам. терг.* кымыз; *узун – узун упарым учунда бар жыпарым, каршы – терши каргытым, ичинде бар жаркытым* (таб. кымыз).

ЖАРМА I *жерг., батк.* 1. тик, тар казылган көр (көрдүн үстүнө жазы жыгачтар коюлуп, анан топурак үйүлөт (сал. паркент); 2. *пам.* мүрзөнүн үстүнө үйүлгөн топурак, чым; 3. *ноок.* таралган чачтын эки бөлүнгөн жери.

ЖАРМА II *алб.* жаргылчак жасай турган таш; *жарма ташты апкел.*

ЖАРМА III *ыск.* бүркүттүн бир түрү; *ормо, анан жарма деген бүркүттөр бар.*

ЖАРМА IV: жармаңа ченеп суw куй *батк.* жылкыңа карап ышкыр (мак.); **ачкыл жарма** *ыск.* ачкыл; *ачкыл жарма жасап койгула;* **ботко жарма** *батк.* буудай же жүгөрүнүн акшак кылып күйшөп, бышырып, ага эт туурап, май салып желе турган тамак; *ботко жарма койук болот;* **жаргак жарма** *түшт.* жаргылчакка тартылган талкандын жармасы; *жаргак жарма жасайт;* **куурулган жарма** *түшт.* куурулган буудай же жүгөрүнүн сокуга күйшөлгөн акшагынан жасалган жарма; *куурулган жарма күйүк даамданат;* **көчө жарма** *түшт.* чийки жүгөрүнү сокуга салып кесек – кесек күйшөп, ботко кылып бышырылган тамак; *көчө жарма ич көптүрөт;* **калыгул жарма** *атб.* коюу жасалган жарманын түрү; **кам жарма** *батк.* максым; *кам жарма жасайт;* **кескен жарма** *акт.* кесме; **конок жарма** *акт.* 1. жүгөрү же коноктун тартылган данынан жасалган жарма; 2. *зам.* көжө тамак; **курут жарма** *чүй., ыск.* курутава; **куурма жарма** *батк.* акшак; *куурма жарма, ботко жарма болот.*

ЖАРМАК *баткч.* 1.кыйноо, азап; *жәкә кожо калышып жармакты көп тарттылар;* 2. *өтм.* бай – жардылык; *кагаз пулда салмак жок, өлгөндөргө жармак жок* (мак.).

ЖАРМАЧ *жерг.* аталанын бир түрү (жарма – аш); *жармач атала жасадыңбы?;* **талкан жармач** *алб.* талкан – тулкан; *талкан – жармач барбы?*

ЖАРМАШ *базк.* туташып тырышып ооруу; *кызымдын эки далысы жармашып каптыр.*

ЖАРНАМА *кашк.* приказ; *шол эле күнү жарнама кылат.*

ЖАРМОО *ыск.* ярмо; *өгүздүн жармоосун сал.*

ЖАРМООЛ *жжол.* эненин этегине жабышып, дайыма ээрчип адат алган бала; *жармоол чунак дешет.*

ЖАРНАМА *жерг.* жарыя күбөлүгү (сал. жарнома); *тилди тилге билейлик, тишти тишке кайрайлык, онон жарнаманы окуйлук.*

ЖАРНО *кочк.* жармоо.

ЖАРОWЛУW *батк.* жароо; *аты жаровлуw экен.*

ЖАРТ *жерг.* жарык кыл; *гүгүрттү жарткын.*

ЖАРТӨПКӨ *лейл. к.* копак.

ЖАРТЫ *ыск., терг.* Бөлөкбай, Бөлөкбек өндүү аттарды тергөө.

ЖАРТЫЙ *өзг.* эки жагы жемирилүү; *"хан" чүкөсү жартыйган.*

ЖАРЧЫЛА *зам.* жар салдыруу; *эстедим сени жарчылап* (Зааминде азыркы учурда да бир нерсеге карай – эгерде чоң бодо мал жоголсо, балдар адашып изделсе ж.б. – базар күндөрү көп элге карай жарчы атайын ат же чоң эшек минип алып, кыйкырып жар салат.

ЖАРЫ I *ичк.* 1. жарык кылуу, жарык түшүрүү, от жагуу, от күйгүзүү; *гүгүрт чагып жарыт*; **үйдү жарыт** *ош.* 2. чырак жак, күйгүз; **жер жарыды** 1. таң сүрдү; 2. жерге жарык кирди; 3. шоола, нур чачуу; жарык тийгизүү; *Чырак–Таш шу Шор–Көлдү жарытып турган дешеттер* (уламага караганда Памирдеги Чырак – Таш деген жердеги зоокада кандайдыр бир чыректын жарыгы каранғыда дайыма жалын чыгарып, анын жарыгы зоокадан, болжолу 300 – 400м. алыстыктагы Раң – Көл (Шор Көлгө) чейин жеткен имиш. Чындыгында 300 кадам жарык чыгарын экспедиция мезгилинде мен да көрдүм); 4. жаркырап кубануу, көңүлү кирсиз болуу; *бетивиз айдай жарыды.*

ЖАРЫ II *батк.* жарыт; *жарып айтпаса кантет.*

ЖАРЫК I *жжол.* жерге таңга жуук жарык түшүү; *жер жарыгып келатат.*

ЖАРЫК II: жер жарык *жерг.* чүкүрү өсүмдүгүнүн бир түтү; *жер жарыктан бирди бере кет.*

ЖАРЫКТЫК *түнд. терг.* 1. кызамык, кызылча, чечек сыяктуу жугуштуу, коркунучтуу ооруларды тергеп атоо; *жарыктык бүгүн айабай тээп чыгыптыр* (денеге кызылча жыш чыккан учурда айтылат, ал үчүн баланы жылуулап, анан кичине, бир аз вино берип коюшат да, денени суугa, желге тийгизишпейт); 2. карып улгайып калган адам (көбүнчө алардын маңыроолугуна, адаттан тышкары кылган ишине таң калуу, аёо сезими менен кеп кылганда айтылат); *жарыктык десе, унчукпай эле отурбайсызбы?*; **чоң жарыктык** *батк. терг.* чечек оорусу; **жарыктыктар** *чүй, терг.* пилла курту; *жарыктыктар акыркы уйкудан ойгонду.*

ЖАРЫЛДА *батк.* чарылда, чырылда; *жарылдаган кысталактын баласы.*

ЖАРЫН *пам.* "ууруну тап"ойнундагы үчүнчү кишинин аты

ЖАРЫШ I *түшт.* жарык боло калуу; *жер бир азга жарыша түштү.*

ЖАРЫШ II: келин жарыш *түнд.* жаш балдардын тоюнда келиндерди жарыштыруу ойну; **улуу жарыш** *ыск.* көп эл чогулуп, көп күлүк катышкан ат чабуу; *улуу жарыш, көкбөрү болгон.*

ЖАС *батк.* жазы, кең; *жас булакта "сөз берген бөз бербейт, гэп үйрөткөн азык бербейт" (мак.) дедигочу.*

ЖАСА: мен үчүн бирди жасап кой ◊ *алб.* бирди көрсөт, сазайын бер.

ЖАСАWУЛ *зам.* жасоол; *бөрү бөкөwүл, түлкү жасawул экен.*

ЖАСАДАК *батк.* сыланкороз; *жасадак кайда.*

ЖАСАЙЫЛ *алб.* жасоол; *вазир төрт жасайылы менен үйгө кирет.*

ЖАСАК *батк.* курал – жабдык; *жабдык–жасак тайар.*

ЖАСАЛА *пам.* 1. жасалгала; *үйдү жасалавай жинимди келтирди;* 2. бир нерсени жайып жазылоо; *зүвәләни нан кылып жасала.*

ЖАСАЛАҢ *пам.* жасалгалуу; *үйү жасалаң болуп калды.*

ЖАСАЛГАН: жасалган болуп калды *батк.* иретке келди.

ЖАСАЛЫК *чүй.* берилген жаза, штраф; *айывына кандай жасалык бердиңер?*

ЖАСАНА *чүй.* айып, штраф; *жасана буйруп көсүнө көрүн.*

ЖАСАНАЧЫЛ *чүй.* айыпчыл, штрафчыл; *жасаначыл неме соо койвойт.*

ЖАСАНАКОР *чүй.* айыптуу, күнөөлүү; *жасанокор болуп сага эмнени бермекмин?*

ЖАСАН *зам.* жасанган; *айтта–тойдо жасан кыз.*

ЖАСАТ *өзг.* жорук – жосун; *жасаты жакшы кайнене.*

ЖАСАТАЙЫП *чүй.* кокус, непада; *жасатайып көзүм жумулса, бала–бакырага көз сал.*

ЖАСБООР *батк.* 1. жантайыбыраак келген тоонун боору; 2. жердин аты; *иш кыламын таңдайлаш, ырчы келди маңдайлаш деп жасбоордон түшүп келди.*

ЖАСКАЙ *батк.* бийиктеп кеткен жон; *шо жаскай болот.*

ЖАСКЫРМА *чүй.* жазгырып кетмейи бардык; *аа, кокуй, байакы Болоттун жаскырмасына көнбө.*

ЖАСКЫРЧААК *чүй.* жазгырып кетме адам; *ой, аны кой, ал жаскырчаак неме, ага жолотпо.*

ЖАСКЫРЫК *чүй.* жазгыра бергендик; *ай, балам, жаскырыгың кыйын.*

ЖАСТА I *түшт.* чый – пый кылуу; *аш катыгың жок болсо, жастап аш кыл.*

ЖАСТА II *ичк., чүй, ккырг.* жазда; *башына жастады.*

ЖАСТАМАН *жжол.* жүгөрү, таруу, конок актай турган таманы жазы соқбилек сымал нерсе; *конокту кургатып жастаман менен актайт.*

ЖАСТЫК *өзг., чүй, пам., батк., чатк.* 1. бешикте баланын астына салынган төшөк; 2. *жерг., лейл.* эки – үч кишинин башына коюла турган жука, узун, ичке жаздык; 3. *өзг.* килемдин күзүгү менен кошо жыла турган жыгач; 4. жаздык; *жоодон өлгөн салтанат, жастыктан өлгөн жаман ат* (мак.); 5. *ноок.* узундугу 1 м. 20см. өлчөмүндө кооздолуп жасалган, жоондугу жана эни, бийиктиги "пешкарыга" туура келген, түркүктүн үстүнө коюла турган жыгач; *лепшинин тәгинә жастык койуп, окту чыгарат*; **ай жастык** *ичк.* 1. оюу, сайманын бир түрү; 2. айдын формасында тор салынып жасалган жаздык; *ай жастык койуп эс алдым*; **алма курак жастык** *зам.* алма көчөтү өндөнгөн курагы бар жаздык; *алма курак жастык жастап "миң кошчуга бир башчы" деди;* **арка жастык** *жерг., пам.* бешикке салына турган сүйрү жаздык; *арка жастыкты сал;* **байлама жастык** *өзг.* "балыштын" көзүнүн жанына узунунан тагылган лента сымал боо; *байлама жастыкты көрсөт*; **гилем жастык** *өзг.* килем согууда колдонулуучу күзүктү байлаган жыгач; *күмүш така урдурган коргондуу жерге барасың, гилем жастык кагасың;* **жылдыз курак жастык** *зам.* жылдызды

элестеткен курагы бар жаздык; **кара жастык** ◊ *пам.* жаңыдан турмушка чыгары менен күйөөсү өлгөн келин; *о келин кара жастык болуп калды*; **каттама курак жастык** *зам.* катталып курак салынган жаздык; **кош тырна жастык** *зам.* сайма жаздыктын бир түрү; **көздөмө жастык** *өзг.* жаздыктын бир түрү (узун, сүйрү болот); *көздөмө жастык тооктун көзүнө окшош болот* (жаздыкка актан тегерек көзчө салынат да, парпырак коюлат. Сал. парпырак балыш); **курак жастык** *батк.* жалпы эле ар кыл курак салынып жасалган жаздык; **оймо жастык** *зам.* тышы кооздолуп жасалган жаздыктын бир түрү; **пәр жастык** тооктун же башка канаттуулардын жүнү салынган (каз, өрдөк, индюк) жаздык; *пәр жастык өтө жумшак болот*; **тикме жастык** *батк.* жалпы эле сайма түшүрүлгөн жаздык; **чертмек курак жастык** *зам.* курак жаздыктын бир түрү.

ЖАСЫ *жерг.* жалпы, бүт; *жасы бостон, жоw кесек.*

ЖАСЫМЫК *чүй.* буурчак өсүмдүгүнүн бир түрү; *жасымык көп деле эгилвейт* (сал. каз. жасымык).

ЖАТ I *өзг.* ордо ойнунда үч ирет атып кезек алдыруу.

ЖАТ II: жатып кал *жерг.* 1. токтоп калуу; *тегирмен жатып калат*; 2. артта калып калуу; *мал жатып калыптыр* ("жат"деген негизги этиш "кал" деген жардамчы этиш менен бирге айтылганда "калып кал" деген татаал этиштин маанисин берет); **ит жатыш – мурза туруш** ◊ *батк.* талаада кыйналып, бирок билгизбей жөнөп кеткендик; **жатасыңарбы?** *ал.* аман – эсен турасыңарбы?; **жатып калма** *жерг.* капкандын таманы; *жатып калманы ала бар.*

ЖАТААК *пам к.* жатак; *жатаак адам экен турвай койду.*

ЖАТАЙГАН *жерг.* бир орундан жылбаган, көчпөгөн адам; *жатайган жатак.*

ЖАТАК *ичк., чатк.* 1. жаталак; *эшектин жүгү жеңил болсо, жаталак болот* (мак.); 2. *жерг.* жалкоо; *жатак адамга гәп барвы, ич нерсени укпайт*; 3. *күл.* кыбыр; *жатак өгүзүн бастыра алвай келе жатат*; **көк жатак** *пам.* уруунун аты; *"ишенбегин достуңа саман тыгат постуңа"* (мак.) *деди көк жатак*; **көр жатак** *тяньш.* оокатсыз, ишке эби жок адам; *көр жатакка кантип теңтуш болом?*

ЖАТАЛАК: жаталак болгур! *түнд.* жылкыны каргап – шилөөдө айтылуучу сырдык сөз.

ЖАТАЛАКЕЙ *ыск.* жата калма адат; *жаталекейиң кармап турат ко, эс алып ал.*

ЖАТАР *лейл.* олут, орун; *о үйүдө жатары жок.*

ЖАТЕКИ *батк.* 1. көңүлгө жат болгон нерсе; *көчөттөр олорго жатеки;* 2. бир нерсени бүтүндөй жатка билген адам; *куранды бүт айткан жатеки адам.*

ЖАТКААК *жерг.* жаталак; *жаткаак эшек отунга жаравайт.*

ЖАТКЫЛЫК *ыск., чүй.* жатып калуучулук; *экинчи жолу ушул үйгө жаткылык кылбасын.*

ЖАТКЫНДА *баткч.* жаталакта; *көз жолтоw түнгө бар, көп жашаган кишиге бар, көрө алваган зыкымга бар, уч, конок, уч!" деп туруп (көзгө конок конгондо айтыла турган сөз) жаткындай кетти.*

ЖАТКЫНОW *баткч.* жаталак; *ат жаткынow болуп калыптыр.*

ЖАТКЫРМА *батк.* жатып, конуп – түнөп тура тургандык; *жаткырма боло турган болду.*

ЖАТЫК *зам.* жантык жер; *өрлөп чыгат жатыктан*; **көк жатык** *жжол.* уруунун аты; *моңол, соколок, көк жатык жагалмайдан.*

ЖАТЫКТЫР *өзг.* жатта; *көңүлүмдө атыңды жатыктыргам.*

ЖАТЫН *чүй.* 1. илгерки кара мылтыктын жез жатуучу бөлүгү; *жезди жатынга салып анан атчу;* 2. капкандын тетиктерин бириктирип турган эң астыңкы темир (кээ бир жерде ал "чара" же "түндүк" деп аталат); **алтын жатын** *чүй.* тукуму мыкты чыккан эне; *тукум чайкаган үйүр өзүлөрүн алтын жатын атаган.*

ЖАТЫНДАШ: атасы менен жатындаш ◊ тааныбаган жерде эркелик кылган адам.

ЖАУРЫН *ккырг.* далы.

ЖАХАН *жерг.* 1. дүйнө, аалам; *кыз жаханда сулуу, эстүү экен;* 2. дүр – дүнүйө; *сен үчүн жаханым күйүп кетсе мейличи;* 3. *жжол.* жаан; *жакшыдан бөөн, жамандан жахан* (мак.).

ЖАХЫЛ *зам.* ачуу, каар; *онун жахлы чыкты.*

ЖАШ: жаш бото *пам.* он сегизге чыккан курак; *бото жаш кирген суудай болот.*

ЖАШАМАЛ *батк.* жашыраак; *бизден жашамал адам.*

ЖАШАН *батк.* өтө кургап бараткан жемиш мөмөсү (көбүнчө өрүк); *капкара болуп жашан кургады.*

ЖАШИК *тал.* аштоо; *малдарга чөптү жашикке салып берсеңер жакшы жейт.*

ЖАШТАТАН *чүй.* жаш кезден; *жаштатаң адашпай койвой.*

ЖАШЫК I *пам.* жарык.

ЖАШЫК II: жалган–жашык *лейл.* калп – чын; *жалган–жашыкты көп сүйлөйт.*

ЖАШЫКЧА *өзг.* сандыкча; *майда–чүйдөнү жашыкчага салып кой.*

ЖАШЫНБАК *тяньш., тал.* жашынмак; *кичинесинде жашынбак ойночу.*

ЖАШЫНБЕЙНЕК *жерг. к.* жашынбек.

ЖАШЫНБЕК *жерг. к.* жашынбек.

ЖАШЫНБЕНЕК *жерг.* жашынмак; *жашынбенек – ойундун бир түрү.*

ЖАШЫНБӨЛӨК *жерг. к.* жашынбенек; *жашынбөлөк ойношот.*

ЖАШЫНМЕЙНЕК *батк.* жашынмак; *жашынмейнек ойнойттор.*

ЖАШЫНПАК *атб.* жашынмак.

ЖАШЫРМАЙ *түнд.* 1. бир нерсени катып, жашырып коюучулук; *байагы иттин жашырмайы кармап, билгизбей, көрсөтпөй койду;* 2. бир нерсени жашырып ойногон оюн; *кел, чөп жашырмай ойнойлу.*

ЖАШЫРМАК *түнд.* жашын тополок; *жашырмак ойношот.*

ЖАШЫРЧААК *ыск.* сырын жашырып жүргөн адам; *өзүң жашырчаак болсоң, сага бирөө сыр айтавы?*

ЖАШЫРЫК *пам.* тымызын; *жарды жар алдында кош әйдәйт, жашырыкча байлар кыйнайт* (мак.).

ЖАШЫРЫНДЫ *түнд.* бирөөгө көргөзбөй жашырып, катып койгон нерсе; *ай, жашырынды бирдемең болсо алып чык.*

ЖАШЫРЫНДЫК *алб.* жашыруун; *ал жашырындык менен өтүп кетет.*

ЖӘӘ *өзг., лейл. к.* жүдә; *ол жәә жакшы билет.*

ЖӘӘЛИ *батк.* жалпы, бүт; *жәәли адамды башкарса да бир өлүм.*

ЖӘӘН *батк.* аалам; *жазылса жәәнгә батпайт, кuwрулса кудайга жакпайт* (мак.); **жер жәән** *жжол.* жер жарган бышык, тың, кыйын киши; *жегдеси жок жетимдер жер жәән адам болуптур.*

ЖӘӘП *жерг.* ачуулуу, каардуу; *дак, суw, жөwөк, жәәп дейвиз.*

ЖӘВЗА *түшт.* 1. эскиче айдын

аты (болжол менен май айына туура келет); 2. жылдыздын аты.

ЖӘВЛИК I *лейл.* сызма; *биз ону жәвлик дейвиз, силер сызма дейт экенсиңер.*

ЖӘВЛИК II *батк., лейл., зам.* бүт, чогуу, баары; *биздикиге жәвлик жүрүңдөр* (Жерге – Талда "үргүлжү" деп айтылат).

ЖӘГӘЛДИРИК *батк.* желдик; *Алымбек, жәгәлдиригиңди бере тур.*

ЖӘГӘНӘ *түшт.* суюлтуу (пахтаны); *биз бүгүн жәгәнәгә бардык.*

ЖӘГӘНӘЛӘ *түшт.* пахтаны суюлтуу; *суугарылгандан кийин жәгәнәләйт.*

ЖӘД *лейл.* эскиче ай аты (болжолу январь айына туура келет); *жәд — чилде, ондо сүүк күчөгөн кез.*

ЖӘДИВӘР *түшт.* жадыбал.

ЖӘЖӘМ: жәжәм барды *лейл.* балдардын ойну; *жәжәм барды йәм балдардын ойну.*

ЖӘЗӘЙИЛ *жерг.* илгерки түтөтмө кара мылтыктын бир түрү; *жәзәйилиң жок беде, атпай неге айадың?*

ЖӘЗВӘР *суз.* линейка, сызгыч.

ЖӘЗДӘ *батк.* майга пияз, картошка кууруп, "ыстык" жасоо; *жәздәп ыстык кылып жүгөр.*

ЖӘЗЗӘ *лейл.* жаза; *жәммәнин жәззәсини бериш керек.*

ЖӘЗИР *жерг.* таш – талкан; *мәшинәнин жәзири чыгыптыр.*

ЖӘЗИТ *зам.* ырайы суук; *жәзиткә окшовой өл.*

ЖӘЙ I *лейл., суз.* 1. көрүстөн, мүрзө; *жәй казганы үч адам кетти*; 2. орун, жай; **тәк жәй** *батк.* 1. бир жайда жаткандыгы же жүк койгондугу үчүн төлөнүүчү акы; *төрт кап мәкәңә бир сом тәк жәй бер*; 2. *лейл.* ата теги; *тәк жәйини сүрүштүрвө;* **сувай жәй** *жерг.* чөбү мол жайлоо; **жәйигә кевейт** *ал.* тең келбейт.

ЖӘЙ II *пам.* ат жүгүртүү, ат чабуу; *кана, келгиле, атты бир жәйип алалы.*

ЖӘЙӘ *лейл.* жаа; *онон кийин жәйә аткан.*

ЖӘЙГӘНӘ *батк. к.* жәгәнә; *төрт әгәт жәйгәнә кылдым.*

ЖӘЙДӘРИ *түшт.* 1. жергиликтүү мал, адам; *жәйдәри мал*; 2. тааныш; *бул өзүвүздүн жәйдәри бала.*

ЖӘЙИВӘТӘЛӘ *жерг.* жайган аш; *жәйивәтәлә түндүктөгү кесмеге окшош.*

ЖӘЙЛӘ *ичк.* 1. жайла; *Әңгәрәгә жәйләгән*; 2. *өтм.* жок кылган, өлтүргөн; *бешөwдү жәйләп салган.*

ЖӘЙЛӨW *ичк.* жайлоо; *эгиз жайлөwлөр бар;* **ат жайлөw** *жерг.* 1. кең, конушу чоң түз жайлоо; 2. жайлоонун аты; *ат жайлөwтө баравыз "ач болсоң да ашык этин жеве, ток болсоң да томук этин жээриве"* (мак.) *дегендей боловуз;* **дәм жайлөw** *пам.* түтөктүү жайлоо; *дәм жайлөwдү эки – үч жолу жәйләдик;* **кәттә жайлөw** *жерг.* кең, жайык төр жайлоо; *кәттә жайлөwлөр бар*; **кой жайлөw** *жерг.* 1. жери төрлүү, шыбактуу жайлоо; 2. жердин аты; *кой жайлөwдө болдук, "жаман катын тулда озот" дегендей ол озуптур;* **түвөк жайлөw** *батк.* 1. эки жагы зоо, күн тийбеген, салкын, мөңгүлүү этектеги жайлоо (чөбү кыска келип, малга жагымдуу болот); *түвөк жайлөwдө мал ысыксыравайт*; 2. жайлоонун аты; **жәйлөw көчөр** *лейл.* эл көчөр аттуу жандык.

ЖӘЙЛӨWЛӨ *ичк.* жайлооло; *миңден ашык кой менен жайлөwлөдү.*

ЖӘЙРӘ I *батк., лейл.* кирпинин бир түрү, дикобраз (жүгөрүгө чоң зыян келтирет); *жәйрә аңдарда, кәмәрләрдә болот.*

ЖӘЙРӘ II *лейл., пам.* жырга; *жәниң жәйрәдиви, кызым?*

ЖӘКӘ *өзг., батк., жерг., зам.* 1. жеке, жалгыз, жалкы; *өзүм жәкә*

келдим; **жәкә жылоw** чылбыр; *жәкә жылоwдон алып бастыр* (Жерге – Талда кээде жеке дегендин ордуна "тәнәә" деген сөз колдонулат); 2. *батк.* үч таш ойнунда таштарды өйдө бургап, кайра колдун аркасына тозуп алуу фазасы; **жәкә төр** *жерг.* чакмак таш ойнунун бир фазасы (мында ташты бир – бирден терет).

ЖӘКӘНДОЗ *суз.* 1. *к.* жакендос; *жәкәндозду алмаштырыш керек*; 2. *ноок.* шейшеп; *конок келет жәкәндозду жууп кой.*

ЖӘКИ *түшт.* же (байламта); *жәки ол, жәки мен.*

ЖӘККӘШ *батк.* чакмак таш ойнунун бир фазасы; *жәккәштә таштарды бирден илип алат.*

ЖӘЛӘ *лейл.* мөндүр.

ЖӘЛӘМДӘШ *өзг.* кезектеш, иреттеш; *авам өкөөвүз жәләмдәшип кар күрөдүк.*

ЖӘЛӘН *пам.* азамат; *биздин бириғәт жәләң эр экен.*

ЖӘЛӘТМӘ *лейл.* чакмак таш ойнунда колдун учу менен жерди сыйпап, өйдө ыргыткан ташты тосуп алуу фазасы; *жәләтмә же жер жәләтмәдейт ону.*

ЖӘЛЛӘ I *лейл.* жыргал.

ЖӘЛЛӘ II эски – уску кийим; *жәллә кийет каландар.*

ЖӘЛЧИМӘН: ооз жәлчимән *жерг.* нан май сүртүп желген тамактын аты; **жәлчимән жейсиңби**? ◊ *батк.* таяк жейсиңби, урайынбы?

ЖӘЛЧИМИШ *зам. к.* жалчыман; *нанды майга тuwрап мыжыгып жесе жәлчимиш дейт.*

ЖӘМӘН *пам.* жаман; *жәмәнди бир өпсө, не алы калат* (мак.).

ЖӘМБИЛЕ *ноок.* чачты майдалап өрүү; *чачты жәмбилеп өрөт.*

ЖӘМИ *лейл., батк.* бүт, бардык; *жәми калк чогулуп той жедилер* (сал. уйг. жәми).

ЖӘМИЙӘТ *батк.* коом; *жәмийәттин мүлкүгө тийве.*

ЖӘН *ичк.* жан; *жәнимдән ыраак барвай жүр*; **жәниндин күнүн көрвөгүр** ◊ *пам.* жарбагыр.

ЖӘНӘЙ *түшт.* уруунун аты; *адигиненин ичинде жәнәй бар* (түштүк райондогу адигинилерге дагы: авышка, ай, алике, арвун, ардай, атымкул, ача, ачы, айык, баваш, байбөлөк, байыш, бакы, баргы, баштык, бокей, борок, боткара, бошатай, булаш, жанек, илчивек, итийвек, кайнар, караваш, кавалар, кожоке, коңгур, котурак, кошуке, кунчувак, куртка, монок, муку, нарвыт, оттук, савай, сарва уруулары кирген).

ЖӘНӘС *батк.* арам жаман; *Ашырвай жәнәс кайда экен?*

ЖӘНӘСТИК *батк.* арам жамандык; *о жәнәс, жәнәстигин кыва.*

ЖӘНӘШ *жерг.* жанаш; *түшүмдө сизге жәнәшип баратам.*

ЖӘНГӘРИ *пам.* 1. чыр, болор – болбос сөзгө терикчээлдик кылган киши; *жәнгәринин жәнигә жолово, жакшы көөнүң кир болот* (мак.); 2. чалпоо; *жәнгәри ат.*

ЖӘНГӘРИЛИК *пам.* терикчээлдик; *жәнгәрлиги жанда жок.*

ЖӘНГИР *жерг.* зөөкүр; *жәнгир киши.*

ЖӘНДӘ *ичк.* жанда; *ат минип жәндәт.*

ЖӘНДӘР *лейл.* 1. жандуу; 2. жандык; *алыстан жәндәр көрүндү.*

ЖӘНДҮРДҮН *пам.* дүрбүнүн бир түрү; *жәндүрдүнүн алды.*

ЖӘНЖИР *ноок. к.* чәнжир.

ЖӘНИВӘР *ичк.* жаныбар; *боз аргымак жәнивәр.*

ЖӘНИЙӘ *лейл.* көңүлдүн толкундап турган мезгили; *адамдын жәнийәси да болот.*

ЖӘННӘТ *ичк.* жаннат; *жәннәттә кызыл гүл барвы?*

ЖӘНЧ *ал.* жанч. *ону жәнчип, сыныкк тартат.*

ЖӘНЧИМӘ *өзг.* мыкчыма; *каймакка жәнчимә кыла койчу.*

ЖӘҢГӘЛ *жерг., пам.* 1. бадалдуу токой; *пулуң болсо жәңгәл да шорпо* (мак.); 2. калың чөптүү чер; *чөвү көп жәңгәл.*

ЖӘҢГӘЛӘК *батк.* тармал; *бир жәңгәләк баладан сурады.*

ЖӘҢГӘЛДҮW *жерг.* 1. бадал токойлуу; 2. коюу чөптүү; *жәмәндин өзү жаман, сөзү да жәмән, жәңгәлдүw жерди да билвейт.*

ЖӘРӘ I *жерг.* жара; *баккан эгеси жәрәшәт.*

ЖӘРӘ II: пула жәрә *батк.* тиштин бүйлөсү көөп пайда болуучу жара; *тишиме пула жәрә чыгыптыр.*

ЖӘРӘӘТ *лейл.* жараат; *жәрәәт – пәрәәткe дәри кылат.*

ЖӘРӘКЕ *түшт.* уруунун аты; *мундуздун жәрәке деген ургу бар* (түштүк райондордогу мундузга: азык, акбаш, акчал, ак чүйлү, алдоз, бекбото, бостери, дарга, жумаке, казбек, карадон, карача, каткор, кашкыр, коншек, көкчөгөз, кулпалар, күлүкчү, кыргоо, малай, манас, накай, ойсурак, сапалак, сапасак, сокусу, тамалтай, телеке, тогунай, токтана, утамыш, чигар, чокой, шайдылда деген уруулар кошулган).

ЖӘРӘНДӘ *зам.* талпынуу; *канатың бир жәрәндә.*

ЖӘРӘХӘТ *лейл.* жараат; *жүрөгүм болот жәрәхәт.*

ЖӘРӘШ *ичк.* жарашуу, келишип калуу, туура келүү, ылайык болуу; *башыңызга гүл көштө жәрәшәт.*

ЖӘРӘШӘ *өзг.* жараша; *атыга жәрәшә эгери* (мак).

ЖӘРДИВӘНӘ *пам.* өрүктүн сөөгүндөгү кош данек; **жәрдивәнә жешкен киши** *пам.* "әдемек" оюнуна катышкан киши.

ЖӘРДИМЕНЕК *жерг.* өрүктүн сөөгүнүн ичиндеги кош данектин бирөө; *жәрдименек жейбиз* (жергиликтүү элде жәрдименек ойноо бар. Ал түндүк райондордогу томук катуу ойнуна окшош болот).

ЖӘРИ *батк.* чарча, чаалык; *жәрип жүрөсүңөрбү? – деди.*

ЖӘРИВЕК *лейл.* гүжөөн уруусунун бир тобу.

ЖӘРИМ *ичк.* жарым; *жәрми кыргыз, жәрми сарт элиңизге куштармын.*

ЖӘРНӘТ *жерг.* жаннак; *гүнәси жок киши жәрнәткә барат дейт.*

ЖӘРӨWЛҮ *батк.* тың, чыйрак; *жәрөwлү кишинин колудан келет.*

ЖӘРӘП *суз.* аркакты өткөргөндө бышык болуу үчүн өткөрүлүп туруучу жип (бул килемдин жээгинде гана болот).

ЖӘРТИ *жерг., өзг.* жарты; *жар башыда жәрти алачык* (таб. кулак).

ЖӘРТИКӘМ *алб.* даттикем; *жәртикәм деп пайын чават.*

ЖӘХИЛ *жерг.* жайыл, долу; *әжәп жәхил экенсиң.*

ЖӘЧМӘН *лейл. к.* жәлчимән.

ЖӘШ *ичк.* жаш; *баланы башыдан, келинди жәшидән* (мак.); **жәшинди жоонтпо** (жувантпа) ◊ *лейл.* өзүндү өзүң алдагансып, өмүрүндү текке өткөрбө.

ЖӘШӘӘҢ *батк.* сырдык сөз (ыраазы болгондукту билдирет); *әә, жәшәәң, Палат!*

ЖӘШИЛ *ичк.* жашыл; *әжекем Әсил, чачвагы жәшил* (таб. сагызган).

ЖӘШИМБЕК: көр жәшимбек *жерг.* жашынмак ойну; *көр жәшимбекти түндө ойногон* (бул оюнда таптырып койгон адам ыр ырдаган, же жомок айткан).

ЖӘШИНБЕЛЕК *жерг.* жашынбак.

ЖӘШИНБӨЛӨК *жерг.* жашынмак (сал. жашынбелек).

ЖӘШИНТОПОЛОК *батк.* жашынмак ойну; *жәшинтополок эм ойун.*

ЖӘШИР *пам.* жашыр; *сыпайы сырын жәширвәйт* (мак.).

ЖӘШИРМӘК *пам. к.* жәшимбәк; *балдар жәширмәк ойнодулар.*

ЖЕ: жегенче отур *ал.* жей отур; *печенеден жегенче отур.*

ЖЕВЕГЕН *тал.* өсүмдүктүн аты; *кургаган жевегендерди чогултуп отко жакты.*

ЖЕВЕКАНА *ал.* коргондун төрт бурчундагы (дубалдын үстүнө салынган (үйчө) ал кароол туруучу жана ок атуучу жай катары пайдаланылган. Мындай жевекана Дараут Коргондогу (Чоң – Алай) коргондо бар).

ЖЕВЕЛЕ *түшт.* аттарды кыркар тартып байлоо; *аттарды жевеле.*

ЖЕВЕЛЕК *чүй, терг.* чалма; *узун – узун уварым, учундагы жевелек* (таб. укурук, чалма).

ЖЕВЕНДЕ *кашк.* ак коноктун уну менен буудайдын унунан (аз – аздап) аралаштырып жасалган нан; *бир – бир жевенде кармattы.*

ЖЕВЕСЛИК *батк.* жебей турган нерсе; *жевеслик кыл.*

ЖЕВИЛГЕ *ыск.* чачык чыгарылып кооздолуп жасалган үртүк (азыр учурабайт, XVIII – XIX кк. текестик кыргыздарда колдонулган); *жевилгеси жер чийчү.*

ЖЕВИРЕК *чүй.* эбиреп – жебиреп көп сүйлөгөн адам; *жевирек ооз бир жеңем жетелейт жипсиз күйөөсүн.*

ЖЕВЛИК *кашк.* сызма; *ол согулуп жасалган жевлик.*

ЖЕГДЕ *жерг., батк., зам., жжол.* 1. кийимдин бир түрү; *жегде менен допуга жетиптир* (эркектин төшүү ачык көйнөгү. Жегде узун, кең жасалат. Ал көбүнчө ак материалдан, бөздөн тигилген. Аны алты – жети жаштан тартып карыганда да кийишкен. Жеңи колдун томугунан, бою тизеден төмөн келет. Түндүк райондордо аны "ачык көйнөк" дешкен); 2. *этн.* өлүктү жаап койгон ак материал (ийинден тизеге чейин).

ЖЕГЕНЕ *чүй.* ичке арыкча, жөөк; *балдар, жеген тарткыла.*

ЖЕГЕНЕК *ал.* жээнек; *жегенек уй* (кээде "жээк" делет).

ЖЕГЕНЧЕ I *батк.* укканда; *жегенче чыдавай турдум.*

ЖЕГЕНЧЕ II *жерг.* жеп алып; *пулowун жегенче кетелик.*

ЖЕГИЛИК I *жерг.* жешке жарап калгандык; *кowун – тарвыз жегилик болуп калыптыр.*

ЖЕГИЛИК II *ыск., чүй.* жечүлүк; *ушуну жегилик кылбасынчы!*

ЖЕГЭЭЧ *пам.* жегенге чейин; *жегээч кет.*

ЖЕДЕЛДЕ *жжол.* жел желдир; *жеделдей жүргөн бир адам келди.*

ЖЕДЕЛДЕТ *жжол.* желе басуу; *жеделдете басып келди.*

ЖЕДИГӘР *жерг.* сыйкырчы; *жедигәр келе жатат.*

ЖЕДИРМЕЙ *лейл.* чүкө ойнунун бир түрү.

ЖЕДИРМЕК *түнд.* 1. алчы менен алчыны, таа менен тааны, бөгө менен бөгөнү, чиге менен чигени бири – бирине жедирип ойногон чүкө ойну; *жедирмек ойнойбуз;* 2. *атб.* ордо ойнунда чийиндин чекесине жакын калган чүкө.

ЖЕДИРМЕКЧИ *түнд.* жедирмек ойнунда чүкөнү жакшы аткан киши; *Чукан түзүк эле жедирмекчи.*

ЖЕДИРМЕЛЕК *жерг. к.* жедирменек.

ЖЕДИРМЕНЕК *ичк.* жедирмек (чүкө ойну); *ашыкты пулга сатып алдым, жедирменек ойнойвуз.*

ЖЕЗ: сары жез *жжол.* "аралаш" ойнунда жаңгак саканы тыйынга баалап кенге тигүү; *сары жез аткан бала ойунчулардын эң кыйыны.*

ЖЕЗДЕЛИК *жжол.* ника тоюнда балдыз жезденин жанына келип тизесин баса отурганда берилүүчү белек – бечкек; *аркан тосмой, жездемик, көз акы, жеңгетай сыйактуу жөрөлгө бар.*

ЖЕЗИТ *лейл.* 1. өңү сары, узун арык киши; 2. *өтм.* митаам, шүмшүк.

ЖЕЗЧИ *батк.* жезден ар кыл нерсе жасай турган уста; *жез кадырын жезчи билет, эр кадырын эл билет* (мак.).

ЖЕЙДЕ *өзг., батк. к.* жегде жегдә; *ак кездемеден жейде кийиптир* (казак тилинин Кош – Агаш жагында да ушул сөз колдонулат).

ЖЕЙДЕЧЕН *өзг.* жегде кийген адам; *жейдече тердеп-тепчип келәтәт.*

ЖЕЙЕК *тал.* жээк; *айлывыз сүүдүн жейегине орношкон.*

ЖЕЙЕН *тал.* жээн; *жейен гелгенче жети бөрү гелсин* (мак.).

ЖЕЙИЛ *зам.* жел; *майга салып жейилген тамакты шелэмэт дейт.*

ЖЕЙИШ *ноок.* быкбырдай кайноо; жүнүн тытуу; *базардагы эл жүнүн жейишет.*

ЖЕЙЗЕ *батк. к.* жегде; *жейзе, бөздүрмө, мүйүш, тага, аке, үкә.*

ЖЕЙРЕН *батк.* жээрде; *жер тәгидә жейрен ат, жейрен атты сойгондо жер тепкилеп ийлэп жат* (таб. пияз).

ЖЕК *тал., терг.* чий; *жерден чыккан жек элем, желпилдеген бек элем, кырга чыгып кырылдым, кырк тусакка илиндим* (таб. чийдин орулуп, токулушу).

ЖЕКЖОЛВУН *батк.* өсүмдүктүн аты; *жекжолвун – малга жага турган чөп.*

ЖЕКЕЙ *ыск.* илгери аялдар башына кийген кийимдин аты; *жекей кымбат баалуу, теветей болгон.*

ЖЕКЕН *ыск.* 1. саздуу жерге камыш түспөлүндө чыгып, тоголок сүйрү баш алуучу өсүмдүк; 2. *тал.* жики; *жекендин башы желп этет.*

ЖЕКЕНДОС *чүй.* жакендос.

ЖЕКЕРИ *түшт.* мылтыкка тагылуучу кур; *жекерини ыңтайсыз тагылганын байкады.*

ЖЕКСЕН I *пам.* жеригендик; *жексен кылып эмизбейт.*

ЖЕКСЕН II *жжол.* аскер, кол; *суу-султандыкы, жер- жексендики* (мак.).

ЖЕКСУРУН, ЖЕКСӨӨРҮН, ЖЕКСӨӨТ, ЖЕКСУР *чүй.* жек көрүүчүлүк; ушунда ай жексурун мамилесине дуушар келди.

ЖЕКТЕ I *тал.* 1. жегде; 2. көйнөк; *сага караганда эки-үч жектени мурун жырткамын;* **узун жекте** *жжол.* уруунун аты.

ЖЕКТЕ II: ошол жекте *жжол.* ошол жерде; *ошол жекте нимне бар?*

ЖЕЛ I *жерг.* желип – жортуу; *желдиңиз, мейман желдиңиз, сиз кайактан келдиңиз.*

ЖЕЛ II *батк.* 1. шалы менен пиязды катырып салуучу оору; *жел шалынын апаты экен* (бул оору шалыга көбүнчө баш алганда түшөт); 2. адамдын кандайдыр бир желге тийсе күчөп кетүүчү оорусу; **жел – жесин** ◊ *жерг.* каргоо сөзү (өлүп кал! деген мааниде); **жел басар** *чүй. терг.* арак; *жел басарын бербесең тынбайтко;* **жел кuwap** *ичк.* денедеги оорулардын калдыгын жок кылуу максатында жаз мезгилинде урow деген чөптү жеш же тамакка (аталага) кошуп ичүү жөрөлгөсү; *урowду жел кuwap үчүн жейт;* **жайлow жели** *жжол.* жайлоонун көрүнүшүн, салкын климатын баяндаган комуз күүсү; *жеңин түрүнүп "жайлow желин" чертти;* **кан жел** *түнд.* 1.

адамдын мурдунан бучук болуп ооруй турган оорунун бир түрү; 2. *жжол.* тиштин эти көбүңкү тартып ооруган оору; *ал кан жел менен ооруган киши;* **сары жел** *чүй.* кеч күзгү жел.

ЖЕЛАВАН *чүй.* рация; *желаван менен сүйлөшүптүр дейт ко.*

ЖЕЛБАШ *пам.* тентимиш, селсаяк; *оо, желбаш, бүгүн кайда жүрдүң издетип.*

ЖЕЛВЕГЕЙ *жерг.* желпилдек; *ак шәйи көйнөк желвегей, адашып бозой келвегей.*

ЖЕЛВЕКТЕ *чүй.* жеңилденип учуп – күйүү; *желвектевей кастүмүңдү кийип ал.*

ЖЕЛВЕТАП *чүй.* 1. оорунун аты (суугу ашынганда маң болуп оору); 2. тынымы кеткен киши; *күн тынымы жок желветап.*

ЖЕЛВИР *батк.* үзүк; *таарга желвир жетишпей жатат.*

ЖЕЛВИРӨӨЧ *чүй.* 1. жел тийгенде желбирей турган нерсе; *желвиреп жаткан нерсени желбирөөч дейвиз*; 2. *кочк.* кулактын көнчөгү; *кулактын желвирөөчү барсайды*; **сөйкө желвирөөч** *түнд.* көкүрөккө тагылуучу кооздук (бул кооздук түндүк райондордо гана жолугат да, аны кыз – келиндер кез – кезде тагынат. Сал. монг. сүйкү).

ЖЕЛВИРӨӨК: сөйкө желвирөөк *түнд.* конус түспөлүндө жасалып, аялдар көкүрөккө таккан кооздук (бул ичкиликтерде учурабайт).

ЖЕЛГЕРЕШ *алб.* өсүмдүктүн аты; *желгереш да дәри чөп.*

ЖЕЛГИР *түшт.* желик, оолук; *желгирип ыйлаганы болду.*

ЖЕЛДЕМЕ *ыск.* 1. желди, шамалды жакшы көрүп желигип турган жан; *желдеме болуп желигет;* 2. *батк.* көмүр өчүрүү үчүн жасалган көрөкананын жел кире турган тешиги; *көрөкананын желдемеси болот.*

ЖЕЛДИК *жжол.* 1. шамал учурунда тузак чатышып калбас үчүн көздөрүнө чөп сайып, жерге бекитип койгон куурай; *чөп сайып бекиткенди желдик дейт*; 2. *түнд.* тердиктин алдына салына турган жука кийиз (Ат – Башы тарапта "желдик, жаас, каптырга" деген сөздөр аралаш колдонулса, Ысык – Көл жакта "желдик" түштүк райондордо "жаас" деген сөз мүнөздүү колдонулат).

ЖЕЛДИРМЕ *зам.* 1. каймагы чалынып алынгандан кийинки сүттүн кайнатылганы; *пышманын кайнатылганын желдирме дейвиз*; 2. *түнд.* тез темпте чертиле турган күүнүн аты; *комуз менен желдирме күүнү айдады.*

ЖЕЛДИРҮҮ *тал.* желдирүү; *муногу жигит өзү желдирүүдөн коркот ко.*

ЖЕЛЕ I *ичк.* 1. кекилик, чилге тартыла турган тузак (сал. таман тузак); *кекилик чакырткан жерге желе кайат* (Жерге – Талда тирүү кекиликтин бутуна жазы чүпүрөк тагып, ага боо байлап, анан казыкка төңөлүк кадап, төңөлүккө боону чалып коюп, ал кекиликти желе жайып, анан чил же кекилик кармайт); 2. *түнд.* кулундарды байлоо үчүн көзчө чыгарылып жасалган кыл аркан; *желе тарт, кулун байла* (сал. бур. зэле, зээле, желе); 3. *пам.* бир нече кайырмагы бар ичке кыл жип; 4. *жжол.* балык өрдөй турган мезгилде жилкага кыркалай кайырмак тизип, сууга салынган тузак; *Кара–Суудагы желеге балык көп илиниптир*; **желе узарт** *тыньш.* малды көбөйт, малды арбыт; **көк желе** *чүй.* радуга; *өткүн өттү, көк желе көрүндү* (кээде "жез кемпирдин желеси" Ысык – Көлдө "асан – үсөн", "күндүн кулагы" деп да айтылат).

ЖЕЛЕ II *кочк.* желпилдөө; *токтоно албай жеңи желеп, этеги элеп болду.*

ЖЕЛЕГЕЙ *пам.* 1. чолок тон; *этеги жок, жеңи жок, желегей ак тон кийевиз;* 2. *түшт.* жеңи чыканакка жеткен кыскараак жука чапан (улгайып калган аялдар кийет); 3. желекченин бир түрү; бешмант; *сыйга бир желегей алдым.*

ЖЕЛЕК *түшт., пам.* 1. ичи жок чапан; *сыйга бир желек алдым;* 2. бешмант; 3. *батк.* аялдар кийген жеңи жок шырымал (сал. кәмзур); **кара желек** *ыск.* илгери калмактар урушка киргенде колдонулган туу; *кара желек туу алат*; **кесме желек** *түшт.* атайын жака салынбаган желек (түндүк райондордо "бешмант" деп аталат).

ЖЕЛЕН *батк.* баланын жука күрмөсү; *желен, көпчүк, торво, маржун, аш такта дейвиз.*

ЖЕЛЕҢ I *тал.* 1. товардын аты; *желең чапан кийгизет*; 2. желетке; *желең жука, чолок болот.*

ЖЕЛЕҢ II: жигит–желең *чүй.* жигит жалаң; *жигит–желеңдери менен жетип келди.*

ЖЕЛЕҢ III: алаң–желең *чүй.* алеп – желеп; *алаң–желең болуп эмне болду?*

ЖЕЛЕТ *жжол.* 1. койдун терисинен ашатылып, ийленип жасалган чолок тончо; *желетти мергенчилер кийет*; 2. *тяньш.* кемсел, бешмант, күрмө; **колтук желет** (желек) *батк., лейл.* чыптама; *суук тийвесин колтук желегиңди кийип ал.*

ЖЕЛЕТКЕ *ыск.* 1. эки кат жеңил чапан; 2. жилетка.

ЖЕЛИ *түшт.* желим, жабышкак, чайыр; *чайырдын жели көп, ак чечектин жели бар.*

ЖЕЛИК *батк.* желки болуп оору; *желиккенге ат кулактын тамырын талкан кылып сээп, каймак менен майлаган.*

ЖЕЛИМ I *пам.* карагайдын чайыры; *"уругу жок, Кудайберди жер сугарат" (лакап) деп желимин жейт.*

ЖЕЛИМ II: жок желим *суз.* келин жүгүн.

ЖЕЛИМЧЕ I *чүй.* кичинекей жандыктын аты (чимели сыяктуу майда, бирок учуп жүрөт да, адамды чагып, канын сорот); *желимче чагып, көзүм шишип кетти.*

ЖЕЛИМЧЕ II *ыск., кочк.* сүт жаңы бышып келе жаткан мезгилде анын үстүнө пайда болгон сызыкча; *ке, желимчелер кайнайт.*

ЖЕЛИН: желинин жеп койот ◊ *өзг.* чайнап коёт; **бөз желин** *өзг.* жумшак желин; **эт желин** *жерг.* желини катуу мал; *эт желин боз кой.*

ЖЕЛИҢ *суз.* болтоюп, шишимик тарткан көрүнүш; *ак параң мылтык асынып, айактай ташка жашынып жүрүп, көзү желиң болгон.*

ЖЕЛКЕ *жерг.* 1. балыктын бакалоору; *жез кайырмак мен болуп, желкенен алсам кантесиң?;* 2. **желке сугат** *түп.* эгин сугарылганда суу чыкпай калган жерлерге кичине – кичине арыкча тартып, сууну ээрчите агызып сугаруу ыкмасы; *желке сугат кылсаң, жер ала калвайт* (сал. каз. желке су); **желке тамырым тырышып турат** ◊ *батк.* көңүлүм чаппай, иштегим келбейт; **желкесинде көк тарамышы бар** ◊ шайтаны бар, кежир; **кара желке** *акт., тторо., тяньш.* аркардын чоңоюп калган козучасы.

ЖЕЛКЕЛЕТ *түп.* эгинди желке кылып сугаруу; *желкелетип алып кел сууну.*

ЖЕЛКИЛДЕК *суз.* өсүмдүктүн аты; *желкилдекти кээде желпилдек дей берет.*

ЖЕЛКИН *тал.* бардык үнү менен дарылдап кыйкыргандык.

ЖЕЛКИНЧЕК *батк.* селкинчек (сал. элкинчек, жеңилчек).

ЖЕЛКОМ *жерг.* жааз.

ЖЕЛМООЗ *тал.* желмогуз.

ЖЕЛМОГУСТАР *чүй.* аюу, жолборс, кыл кыяр, каман өңдүү чоң – чоң айбандарга мергенчилик кылган адам; *камандын кыл кыйарын желмогустарлар аткан.*

ЖЕЛӨТКӨ *ыск.* жилетка; *желөткөң болсо кийип ал.*

ЖЕЛПИВИЧ: желпивич тавак *батк.* күрүчтү чаң – чуңдан тазалап арылтуу үчүн жука темирден жасалган табак.

ЖЕЛПИКБАШ *жерг.* желпилдек (буудай сымал келген узун көк өсүмдүк); *желпикбаш желпинип турат.*

ЖЕЛПИЛДЕК *өзг.* өсүмдүктүн бир түрү; *бу талаада желпилдек өсөт.*

ЖЕЛПИМЕ *жжол.* 1. желпирүүн табак; *желпимеге салып алып желпийт*; 2. *алб.* колду салмак менен жай таштап черте турган күүнүн аты; *желпимени биз шоктук кылып бат чертевиз.*

ЖЕЛПИН *лейл.* күчүркөө, дүүлүгүү; *оwрусу желпинип күчөп кетиптир.*

ЖЕЛПИНИШ *түнд.* комуз күүсү; *желпиниш – жеңил кайрылган күү.*

ЖЕЛПИЧ: желпич тавак *батк.* желпивич.

ЖЕЛПИШ *батк.* желпин 1. бир нерсени (арпа, буудай ж.б.) желпип тазалай турган түбү тайпакай табак; 2. *түшт., терг.* жалбырак; *атасы узун сары, энеси желпиш тавак, баласы балдан майлуу* (таб. жаңгактын жыгачы, жалбырагы, данеги).

ЖЕЛПҮРҮҮН *чүй.* желпигич; *желпүрүүн менен эгин тазалайт.*

ЖЕМ *жжол.* 1. кайырмакка илинген курт – сурт (бул жерде бир нече кайырмакты бир жипке катарынан тизип байлап, анан аны суунун шар аккан жерине керип байлап коюп, эртеси келип карашат); 2. *атб.* мылтыктын дарысы; 3. *ичк.* тегирмендин көзүнөн чубуруп түшүп турган эгин; 4. тегирмендин көзүнө токтоп жабышып калган дан; *жем токтоп калды*; 5. *жерг.* жугунду, таштанды; *итке жем бердиңби?;* **ак жем** *жжол.* 1. куш эттенип кеткенде сууга көбүрөөк чыланып, өңүн – башын кетирип берген эт; *куш эттенсе, ак жем берет*; 2. колдун ак бышtак болуп оюлуп кетиши; *колум ак жем болуп оюлуп кетти*; **кара жем** кушка туз тийбеген таза чыныдагы сууга бир аз чайкап берилген кара кесек эт; *кара жемди адегенде берет*; **эшек жем** *жжол.* 1. чаканбеш ойнунда жеңилген адам жеңген кишини маарадан "бәккә" (стартка) чейин көтөрүп баруу жазасы; *эшек жем, же болвосо жем бермей деген жазасы бар*; 2. *батк.* пилла куртун багуучулардын арасында пайда болуучу бөрү жатыш сымал оорунун аты; *эшек жем болгон эде, быйыл айыкты* (жергиликтүү эл арчанын жалбырагын күлгө кошуп кайнатып, суутуп, анан аны "эшек жемге" сүртүп дарылашкан); **жем басар** *өзг.* 1. бүркүттүн тырмагынын алдындагы илмек жери; 2. бутундагы илмеги бар чоң бүркүттү бир түрү; **жем баскыч** *атб.* дары ныктоо үчүн мүйүздүн учунан жасалган курал; **жем берүү** *жжол.* чаканбеш ойнунда жеңгендер утулгандарды көтөртүп же чимирилтип жазалоо жолу; **жем түшүрүү** *жжол.* куш суксундап, эки ийнин өйдө көтөрүп калуусу; *ой, айланайын, жанывarым, жем түшүрүп жатат, жол болот экен.*

ЖЕМЖӨWҮЛ *жерг. к.* женжевил; *жемжөwүл жывай ирәси тынч боло алвадык.*

ЖЕМЖӨWҮР *жерг. к.* женжевил; *жапайы беде, жемжөwүр, караган, бадам, кара чеке өсөт.*

ЖЕМЕ: жеме–жука *ош.* какыс – кукус; *жеме–жукага алганда жоошуй түштү*; **жеме кара** *тал.* балдардын ойнунда колдонулуучу жыдыкейдин бир түрү.

ЖЕМЕК *атб.* 1. ордо ойнунда чийиндин чекесине жакын келген чүкө; *жемегим бар* (сал. кадамак); 2. *чүй.* ордо ойнунда чүкөнү ордодон чыгара атуу жолу; *жемекке дайарданып калат*; 3. *пам., лейл.* 3.1. чыймыл чүкө; 3.2. *өтм.* кичинекей жаш бала; *эрден калган жемек*; 4. *чүй.* алып – жутар, жегич; *Жумабек шылуун кадимки жемек.*

ЖЕМЕКЕЙ *тяньш.* жемей; *чүй.* жедирмек; *ыск.* чүкө ойнунун бир түрү (чүкөнү калчап, таа менен тааны же бөгөнү, алчы менен алчынын, же чигени жедирип ойноо); *балдар жемекей ойноп жатышат.*

ЖЕМИРИЛ *зам.* килем курган казыктын кыйшайышы; *гилемдин казыгын кагып бериң, жемирилип калыптыр.*

ЖЕМИШ: жемиш–кашек *зам.* жер – жемиш; *жемиш–кашек көп болду*; **кожолук жемиш** *ош.* огородго тигилген менчик жемиш; *кожолук жемиштер текши быштыы.*

ЖЕМСӨӨР *түнд.* канаттуулардын тамак – аш синире турган органы; *жемсөөрү чоң короз экен* (сал. жагдан).

ЖЕМТИК *зам.* парага алынган, парага түшкөн буюм – тайым, мал; *жемтикке түшкөн буйум.*

ЖЕМЧӨӨ *суз.* жемсөө; *жемчөөсү килейет*

ЖЕНШИН *жерг.* өсүмдүктүн аты; *женшин деген өсүмдүк бар.*

ЖЕНГИЛЧЕК *жерг.* селкинчек (сал. як. сенгелсэк "бешик").

ЖЕНЖЕВИЛ, ЖЕНЖИВҮЛ, ЖЕНЖӨВҮЛ *жерг., батк.* өсүмдүктүн аты (жыты сасык чөп, бийикке чыгат, кой – эчкиге жакшы тоют, беде сыяктуу кышкысын өңү бузулбайт); *женжөвүл ташып жатышат.*

ЖЕҢ I: кәлтә жеҥ *батк.* чолок жен; **жеңин буу** *түнд.* козулуу кой талаада калганда карышкыр тийбесин үчүн балдардын жеңин бууп коюу ырымы; *эми балдардын жеңин бууп койгула – деди Ормон*; **жеҥ шайла** *пам.* жеҥ быч; *жеҥ шайлаган шайырым;* **жеңди билектей** *кочк.* билектей; *жеңди билектей жылан.*

ЖЕҢ II *өзг.* машина айдоо; *ал машинасын өзү жеңип жүрөт.*

ЖЕҢЖЕГҮЛ *батк. к.* женжевил.

ЖЕҢЖӨWГҮЛ *батк. к.* женжевил.

ЖЕҢЖӨӨЛ *батк. к.* жеңжегүл, женжевил.

ЖЕҢЕ: жеңе жечүw *жерг. этн.* ника тойдон кийин кыз – күйөөгө төшөк салып, таң аткыча аларды сырттан сак – сактап чыгып, эртеси тыйын алуу жөрөлгөсү; *жеңелери сактап башыда турат, жеңе жечүw алат*; **күйөw жеңе** *зам.* тойдо күйөөгө жол баштап, жол көрсөтүп жүрө турган жеңе.

ЖЕҢЕЖАН *түшт.* жеңеке. *жеңежан, эй жеңежан!*

ЖЕҢЕЙ *суз.* жеңесине эркелеп кайрылуу; *жеңейим болсун той–башы.*

ЖЕҢЕКЕ *түнд.* жеңекебай; *ай жеңеке–жеңеке, бирдемеңди билемин.*

ЖЕҢЕКЕНАЙ *түнд. к.* жеңеке; *жеңекенай, айта көрбө, энем урат.*

ЖЕҢЕТАЙ *түнд.* жеңеке.

ЖЕҢЕЧЕ *жерг.* 1. жаш, кичине жеңече; *жеңечем көчтүн көркү эде*; 2. айылга келген жаш келин,

турмушка жаңы чыккан келин; *ол жеңече болот*; 3. *терг.* ийик; *кичинекей жеңечем жүгүрүп жүрүп боозуйт* (таб. ийик).

ЖЕҢИЛДЕ *батк.* жеңил; *зорудан жеңилдеп качат.*

ЖЕҢИЛТЕКТЕ *тал.* жеңилден; *жеңилтектеп кийинип алыпсыз.*

ЖЕҢИЛЧЕ *жерг. к.* жеңче; *жеңилчени нан жапканда кийет.*

ЖЕҢИЛЧЕК *жерг.* селкинчек (сал. желкинчек, элкинчек); *кәттә дерекке жеңилчек салдык.*

ЖЕҢИЧЕ *суз.* тандырга нан жапканда колго кийилүүчү жеңче (муну узун чүпүрөктөн калың кылып шырып жасап, очокко нан жапканда кол күйбөс үчүн кийип алышат); *жеңиче кийип ал.*

ЖЕҢЧЕ *өзг., батк., жерг. к.* жеңиче; *жеңче алып кел, нанды алайын.*

ЖЕПЕЙ *ыск.* 1. кичирейип жепирейүү; *ай катын, ал жепейген ким эле?*; 2. жапыз; *жепей тамдардын жанындагы учурма үй.*

ЖЕПЕЙИҢКИ *ыск., чүй.* жепейген кичине нерсе; *жепейген там кимдики?*

ЖЕПИРЕКЕЙ *түнд.* жепирейген кичине нерсе; *жепирекей тамдар жоголду.*

ЖЕПИРЕЙИҢКИ *ыск., чүй.* жепирейген нерсе; *жепирейиңки тартып баскан неме экен.*

ЖЕР *жерг.* "ховнэпэрэк" ойнунда баланын колун койдуруп, үстүнөн аттап өтүү фазасы; **жерге амал кирди** *ыск.* жерден тоң кетип, өсүмдүктөр өнө баштаган учур; **жер айтып койот** *атб.* ууга чыгардан бир күн мурда аңчылык жөнүндө кеп салбоо жөрөлгөсү; **жердин тешигин жамайт** ◊ *жерг.* сөзмөр, ишмер, бирок өтө дүнүйөкор адам; **жериге жараша жылаана** ◊ *батк* эшегине жараша тушагы; **жер жарышат** *батк.* жерге жарык кирип таң атышы; *жер жарышайын деп калды*; **жер тарткыр** *батк.* жер соргур (каргаганда айтылат); **жерге жый** *пам.* чакмак таш ойнунда таштарды жерге бир – бирден жыйноо фазасы; **жерден үздү** палван ташты жерден козгоп бир аз көтөрүү; **айдың жер** *жжол.* ээн талаа; *айдың жерге ак чөлмөк ойнодук;* **ак жер** *ыск.* ымсак, майда таштуу чопо сымал жер; *биздин жер – ак жер, сугарваса эгин чыкпай*; **арамы жер** *зам.* ойноштук кылган жер; *арамы жерге камыш бүтпөйт*; **өзиз жер** *батк., ноок.* адам сыйына турган жер; *Булак–Башыда өзиз жер бар*; **бара жер** *жерг.* чөптүү жер; *бара жерге элиң жайлайт*; **бел байлоо жер** *өзг.* бел кырчоо; *бел байлоо жерден өйдө курчанды*; **боз жер** *батк.* дың; *эгин айдала элек боз жер боз талаа деп аталат;* **жашык жер** *жерг.* эгин жакшы өнбөй арыктап кеткен жер; *жашык жердин бүгдайы жакшы бовойт*; **жугумдуу жер** *ыск.* кары аз түшүп, тоюту мол болуп, малды бат семиртип жиберүүчү талаа – тоо жер; *Тор–Айгырдын жери жугумдуу жер*; **заран жер** *зам.* дың жер; *заран жерге тырактир салат*; **кактама жер** *чүй.* ак чополуу каксоо жер; *кактама жерге алпарып көмөт экен*; **катык жер** *жерг.* оокат кылууга, дыйканчылыкты өнүктүрүүгө катаал келген жер; *Каратегин – катык жер;* **кыйтык жер** *лейл.* айдоонун айдалбай бурч болуп калган жери; *кыйтык жердин чөвүн оруп кой*; **тай жарышым жер** *жерг.* 1,5 — 2 км. аралык; *тай жарышым жерге чархар салынган*; **чук жер** *чүй.* суу токтогон көлчүк жер; **эне жер** *ош.* мекен; *эне жериме жеткенче эреркедим*; **жерге басар** *батк.* чакмак таш ойнунда эки ташты жерге басып, эки ташты өйдө ыргытып, тутуп алуу фазасы; **жер**

басты ◊ *батк.* мал; *канча жер бастың бар?*; **жер согор** *чүй.* канаттуунун төкөрүү; *жер согору курч көрүнөт*; **жер тешер** *зам.* курт – кумурсканын бир түрү; *жер тешер кичкине болот*; **жер тойу** *иск.* эгин мол болсун үчүн колхозчуларга жайында колхоздун ортосунан эт, кымыз, айран берип, той өткөрүү салтанаты; (бул адат 1946 – жылдан бери гана тараган).

ЖЕРБАЙ *чүй.* фундамент; *үйдүн жербайын эчак эле бүтүрүшкөн.*

ЖЕРГЕ *жжол.* 1. айыл – аймак; *жергенден козу тарап, тезек терген*; 2. *чүй.* мал – жан; эмерек – семерек, буюм – тайым; *жергени такыр жый деди.*

ЖЕРГЕЖЕЛИ *жерг.* эргежээл; *муңдуw өлүм болвосо, жергежелинин өңү мунча саргайар беде?*

ЖЕРГЕЙИ *жерг.* бир жакка, алыска; *бир жергейи жөнөтөт.*

ЖЕРГИЛҮҮ *чүй.* урук – тукумдуу; *жергелүү тууган агайың.*

ЖЕРГЕТАЛ *жерг., тяньш., тал.* 1. жерге кыдыракей же уюлгуп жыш чыккан жапайы тал; 2. жердин аты (Жерге – Талда илгери тоо, түз беттери караган, тал, терек, бадал жыш өскөн жер болгон экен).

ЖЕРГЕТАЛЧЫ *жерг.* жергеталдык; *жергеталчы балдарды көп тааный бервейм.*

ЖЕРГИЛ *батк.* сагын, кусадар бол; *быйыл жаз жергилип жүрдүм.*

ЖЕРГИЛИК *жерг.* сайманын бир түрү; *жергилигини агыдан алвайвысың сарысыдан алвай.*

ЖЕРГҮЙ *жерг.* 1. жердин жаракасы; 2. *өтм.* пейили жаман адам; *жергүй адам экенсиң.*

ЖЕРДИК *пам.* 1. туулуп өскөн жер; 2. адамдын кебете – кепшири; 3. тургун; *кечеги бала жердик.*

ЖЕРЕНТИЛЧЕК *түнд.* өсүмдүктүн аты.

ЖЕРЛЕН *пам.* тургун болуу, очор – бачар болуу; *шо балдар эми жерлениптирлер* (ичкиликтерде 3 – жактагы этиштик баяндоочторго көптүктү туюндуруучу – лар мүчөсү жалгана берет. Мисалы: сүйлөйттөр – сүйлөшөт, уккандылар – угушту, кетет экенлер – кетишет экен ж.б.).

ЖЕРЛИК *батк.* чакмак таш ойнунда ар бир ташты өйдө ыргытып, ыргыткан сайын жерди таптап, илип алуу фазасы.

ЖЕРПАСТА *түшт.* жерге карай ылдыйлоо, төмөндө; *жерпастап барып атылган топтой кайра көтөрүлдү.*

ЖЕРТЕКИ *лейл.* тамаша; *ол шум эде жертеки әйткән.*

ЖЕРЧИ *иск.* 1. жер чалып жүргөн адам (конуш, жайлоо, өтөк ж.б. чалгындаган киши); *жерчиси жер ченемин билет*; 2. *пам.* жердик; *шу жерчи кыргыздардан көрдүк.*

ЖЕСЕКУТУЛ *батк.* аяк бошотор; *жесекутул турвайвы.*

ЖЕСЕК *тяньш.* кароол.

ЖЕСИР: ээр жесир *чатк.* 1. көптөн бери атка токулбай калган ээр; 2. *иск.* күйөөсү каза болгон аял.

ЖЕСТЕ *тал.* жезде; *жестем көтөрүп барып, көтөрүп келет.*

ЖЕТЕКЕН: жетекендин жети уулу *батк.* илгерки нойгут уруусунун таралыш тобу.

ЖЕТЕС *жерг.* жакыр; *жок–жетес жүрүп жетилди* (мак.).

ЖЕТЕСТИК *жерг.* кандайдыр бир кемчилик, жетишпегендик; *жетестик жерден кетпейт, жерден кетсе элден кетпейт* (мак.).

ЖЕТИКЕМ *лейл.* жетиген.

ЖЕТИКЕН *түшт.* уруунун аты; *багыштарга жетикен кошулат* (багыштарга дагы: эстали, эрназар, элтенди, шааке, торук, токутай, тогуз, товак, телеке, сочу, семет кирген).

ЖЕТИКУМ *өзг.* көзө карапанын эң чоңу; *жетикумга суу куй.*

ЖЕТИМ: жетим карып карды ток, мойну жоон күчү жок ◊ *батк.* а, байкуш!; **кош жетим** *түнд.* комуз күүсү.

ЖЕТИМКАНА *жжол.* жетимдер үйү; *жетимканага келип калдым.*

ЖЕТИМЧЕ *суз.* кичинекей жетим; *жетимче кыз — Тургун.*

ЖЕТКЕЙСИҢ *ош.* жеткей элең; *күрмөлбөй ылдам жеткейсиң.*

ЖЕТӨӨЛӨ *ыск.* жети киши биригип; *жетөөлөп кол салса койбос.*

ЖЕТЭЭР *жжол.* бою; *алты ай жетээр суутту.*

ЖЕШ *лейл. өтм.* кырчылдашып мушташуу; *өкөшү өлгүчө жешти;* **жешким келип турат** *батк.* кармашкым келип турат; **жешип ал** *батк.* талашуу (сөз), кармаша кетүү; *жешип алып барышаттар.*

ЖЕШТИК *ноок.* жегенге жарай турган аш, тамак; *бир аз жештиги бардыр.*

ЖЭЭК I *тяньш.* 1. кийиздин четине түшүрүлгөн оюнун бир түрү; *жайдары койдун жүнүнөн жээк түшүрөт;* 2. *зам., лейл., пам.* кандайдыр бир кийимдин, буюмдун четине бастырылган күмүш кооздук, асем, сайма; 3. *пам.* жүн жиптен өрүлгөн кооз боолук; 4. *лэйл.* килемдин жээгине бастырылган түгөйлүү ызгыт жип; *гилемге жээк бастырат* (бул жээк Талас, Чатал жана Жалал – Абаддын түндүк – батыш тараптарында, илгерки "саруу, кушчу, кытайларда" "ыскыт" деп аталган. Сал. тув. "искыт кант"); **ала жээк** *батк. к.* кеште; *ала жээкти кара тору кыздар сого берет;* **гүлдөзү жээк** *жерг.* көйнөктүн жака, өңүр жээгине тигилген кооз сайма жээк; **жака жээк** *жерг.* көйнөктүн жакасына тигилген кооз жээк; **кәләк оту жээк** *пам.* төкмө чачы дикектин жээгине тагыла турган кооздук; **кулун жээк** *тяньш.* тааргa түшүрүлө турган оймо – чийменин бир түрү; **күмүш оту жээк** *пам.* дикектин күмүштөн бастырылган жээги.

ЖЭЭК II *батк.* идиштин бир түрү; *жети саймылтык асынган жээктей ташка жашынган.*

ЖЭЭК III *пам.* соргок; *угуздуу ысык ичсе торпок жээк болот, сумук ичсе жээк бовойт.*

ЖЭЭЛИ *пам.* алчы – таасын көп жеп жепен болуу; *көп урунуп жээлиген адам.*

ЖЭЭНАЙЫМ *жжол.* 1. сулуу, сүйүктүү жээн кыз; 2. аялдын аты.

ЖЭЭНЖАН *түшт.* жээнге эркелеп, эркелетип кайрылуу; *жээнжан деп йам айтавыз.*

ЖЭЭНТЕК *сүл., батк.* жентек; *айылга жээнтек берди.*

ЖЭЭНЧЕР *пам., чүй.* жээндин баласы; *жээнчердин урматына көк бөрү берди.*

ЖЭЭНЧОРО *ыск., чүй. к.* жээнчер.

ЖЭЭРДЕ *ичк.* ичкиликке кирүүчү тобу.

ЖЭЭРДЕ *пам.* 1. жери; *кой жээрип калыптыр;* 2. жийиркенүү; *кой жээрисе – айван, айывы жок, акмак жээрисе – айаштын заарылы жок* (мак.).

ЖЭЭТИ *баткч.* жети.

ЖИВӘЛДИЗ *өзг. к.* жувалдыз; *живәлдизди жоготуп кайра тавып алдым.*

ЖИВӘМ *кашк.* келин; *живәм келе жатат, караң.*

ЖИВӘМДУУ *кашк.* келиндүү; *ой, байбиче, живәмдуу болдуңузбу.*

ЖИВЕК *жерг.* жамбаштын тарамышы; *живеги үзүлүп кетет.*

ЖИВИТМЕ *чүй.* абжип оорусу; *живитме менен ооруган дейт.*

ЖИВИШ *тал.* 1. баш

айландырган оорунун аты; *живиш болгон адамдай экен*; 2. составында "мык" деген сөзү бар энчилүү аттарды (мисалы: Мыктыбек, Мыктыбай деген аттарды) тергөө; *живиш аке келатат.*

ЖИГАК *жерг. к.* гыжак; *жигак тартканды билевисиң?*

ЖИГӘР *ичк., зам., батк.* 1. боор; *малдын жигәри малдын боору*; **жигәрим ой – жигәрим ой** бир боорум ой – бир боорум ой (адам каза болгондо туушкандары ушинтип өкүрөт); *жигәрим ой деп ийлэп кирет*; 2. *өтм.* бир тууган, бир боор ("боор" деген сөз сейрек айтылат); **дүмбә жигәр** куйрук – боор; *дүмбә–жигәрди аралаш туурап таштады.*

ЖИГӘРДӘШ *жерг.* боордош; *биз олор менен жигәрдәшпиз.*

ЖИГДӘ *зам., жерг., лейл.* жийде; *жигдәнин түрлөрү бир топ*; **какырым жигдә** *суз.* жийденин кургак сымал келген түрү; **кандек жигдә** мөмөсү томолок, кабыгы кызгылт жана катуу, кеч күздө быша турган жийде; *кандек жигдәни терип келдим*; **хасек жигдә** мөмөсү майда, уну жок, жегенге жарабай турган жийде; *хасек жигдәни кесип отун кылдык*; **карга жигдә** тоо этегинде салкыныраак жерде өсүүчү жийденин түрү; *карга жигдә – ич owруга дәри* (бул жийденин мөмөсү майда болот, адамдар дарылык үчүн жебесе, жөн жебейт, көбүнчө карга – кузгунга аш болот); **котур жигдә** *тал.* жапайы чыккан майда жийде; **курт жигдә** *түшт.* жийде мөмөсүнүн майда – майда түрү; **нан жигдә** кургак келип, эрте быша турган сары түстөгү жийде; *бул нан жигдәнин кавыгы экен* (бул жийденин мөмөсү сүйрү, ичиндеги уну сагыз сымал болуп, кабыгы жука келет, андан көбүнчө буламык жасалат).

ЖИГДӘЛҮW *ичк.* жийделүү; *жигдәлүw сай.*

ЖИГДЕ *түшт.* жийде; *жигдеси бар жер барвы?*

ЖИГДЕЛИВ *жерг.* жийделүү; *жигделив жер.*

ЖИГЕРДҮҮ *түшт.* ишенчиликтүү, колунда бардар (адам); *сизге окшогон жигердүү кишилер бар.*

ЖИГЕРДЕНТЭЭРЛИК *түшт.* кубанарлык, сүйүнөрлүк; *жыйынтык жигердентээрлик болду.*

ЖИГИ: жиги–жиги *акт.* турумтайды үндөккө чакыруу; *куу–куу туруматай, жиги–жиги туруматай.*

ЖИГИТ: ай жигит *батк.* өндүү – түстүү сулуу жигит; *ай жигит биздин теңивиз;* **акыл жигит** акылман жигит; *акыл жигит балавыз*; **анайы жигит** *лейл.* тири укмуш кызык жигит (сал. өзб. анойи "жөнөкөй"); *бул түштөн коркуп отурмун дейт, анайы жигит экен;* **аш жигит** *чүй.* илгери бийди жандап жүрүп, ага керек болгондо тамак – аш даярдап берген адам; **ат жигит** бийди жандап жүрүп, атын кайтарып, атын мингизип кызмат кылган адам; **боз жигит** *өзг.* жыгач өсүмдүгүнүн бир түрү; *бул эмне өсүмдүк десем, боз жигит деди;* **тон жигит** бийди жандап кийим – кечегин даярдап кийгизип жүргөн жигит; **пар жигит** *түшт.* ылайык, түгөй жигит (көбүнчө турмуш курууга, өмүр сүрүүгө жолдош боло алат деген пикирде айтылат); **пир жигит** *жерг.* жигиттин жигити; *пир жигит деген шондой болот;* **жигит өлгүр**! ◊ *батк.* жерге киргир! *пышканда жигит өлгүр бир әм гәпсән бервейт.*

ЖИДӘ *жерг.* жүда, өтө; *бу жидә кызык ойун.*

ЖИДИ *суз.* 1. аркак; *күзүк жиди менен эришти ажыратат*; 2. *тал.*

аркак – эришти адыргы менен көтөргөндө пайда болгон бурч жери; *жидиси жатпай калыптыр.*

ЖИЗЕ *пам.* чөбөгө.

ЖИЗИТ *лейл.* желмогуз; *жизиттэй бовой кал* (Жерге – Талда "жүзүт" деп аталат).

ЖИЙ *ичк.* жый; *малын жиэлвэй койду.*

ЖИЙӘЗИ *кашк.* уйгур фасонунда салынып жасалган кыздардын чапаны (мындай чапандар жибек материалдар менен тышталып, өнүрү сол каптал жагына оодарылып топчуланат. Көкүрөккө жанаша эки седеп, эки жакага экиден төрт седеп тагылат).

ЖИЙДЕГҮЛ: жийдегүл чыны (чайнек, пийәлә) *батк.* илгери колдонулган гүлдүү чыны (чайнек); *жийдегүл чыны азыр жок.*

ЖИЙЕК *зам.* жээк; *жийеги жок кийим боло веде?*

ЖИЙЕН *тал., зам.* жээн; *жийеним кайда деп сурады.*

ЖИЙИН *жерг.* жыйын; *жийиндэ тилиңди тый, мушташта колуңду тый* (мак.).

ЖИЙӨW *жерг., пам.* жөө; *өңү сарык, өзү жийөw жүрөт.*

ЖИКИЛДЕ *батк.* 1. калтырап – титиреп үшүп келүү; *жикилдеп муздап келди*; 2. жиниктир; *кувалап жикилдетти*; 3. *жжол.* энтик; *жикилдеп отуруп бериштн.*

ЖИКИРЕЙ *чүй.* жикий; *жикирейген кишини айтам.*

ЖИКИРЕЙТ *жжол.* 1. тыш кийимдин жакасына желкесин ылдыйлатып катуу; *кежигесин чапандын жакасына жикирейтип катып алыптыр;* 2. боорго жабыштырып кысып алуу; *жикирейтип кыскан бойдон кетти.*

ЖИКИШ *тал.* мойну кыска, далысы чыккан адам; *жикиш аке жүрөт тигинде.*

ЖИЛӘТ: илә–жилэт *өзг.* урук – тууган; *илә–жилэтимэ барып келдим.*

ЖИЛГЕ *өзг.* курма өрүгүнүн данегиндеги ичке сызыкча; *сүйрү сөөгүнүн жилгеси бар.*

ЖИЛИК: ашыктуw жилик *жерг.* чүкөлүү же жото жилик; *ашыктуw жилик арам эт, калып кеттим карай бет;* **жылкы жилик** *чүй.* жото жилик; **кар жилик кагуу** *түнд.* илгери каршылаш уруудан тың адам чыкпас үчүн кар жиликти ырымдап жерге кагуу жөрөлгөсү (мындай жөрөлгө көк боорду кызга бербей төш арноо, моюндун сөөгүн тиш менен мүлжүбөө, кар жиликтин чучугун эркек балдарга бербөө адаттарынан да байкалат); **кашка жилик** *пам.* "пата той" мезгилинде күйөө тарап союп келген койдун кашка жилигин үйгө жулдурбай алып кирүү жөрөлгөсү (эгер алар жулдурбай алып кирсе, аларга дагы кой союп, сарпайы берет, эгер алдырып жиберишсе, алардын өздөрү кайра кой союшат); **кара жилик** *алб.* кар жилик; **корто жили**к *тал., лейл., суз.* **күң жилик**; *корто жиликти меймандарга тартса болот*; **мукур жилик** *ал.* күң жилик; *бәкиси мукур жиликтен жогору турат*; **мыкый жилик** *ичк.* күң жилик; *бүгүн тойдон маңа мыкый жилик тийди;* **токмок жилик** *ичк.* 1. жото жилик (кээ бир жерде); 2. күң жилик (айрым учурда); *токмок жиликти элге тарт*; **жилик талашмай** *пам.* кыз берүү тоюнда кыз жана күйөө жактын эки тарап болуп, кашка жиликти талашып ойноо жөрөлгөсү (жиликти күйөө тарап эт – мети менен алып келет); жигиттер алып келгенде кашка жиликти жилик талашмай кылат; **жилик талашмай иш кылуw** ◊ шашып – бушуп иштөө.

ЖИЛИКТЕ: жиликтеп сура *түнд.* жети атаны териштирип, укум –

тукумду сураштыруу; *тойго келгенди жиликтеп сурады.*

ЖИЛК *түшт.* 1. кагуу; *ачуусу келдиби, жилкип жиберди*; 2. силкүү; *аттын жыловун жилкип койду.*

ЖИН: ак жин *жерг.* бакшылардын демин келтире турган жин; *ак жиндерини байлап алат*; **кара жин** бакшылардын демине тоскоолдук кылуучу жин; *кара жиндерин отко күйгүзөт*; **чекене жин** *иск.* күчөгөн жин; *чекене жинин кагайын.*

ЖИНӘЗӘ *ичк.* жаназа; *уктаганда жинәзәсин түшүрөт.*

ЖИНӘДИЛ *батк.* ойноок жаш кыз; *тынч турваган жинәдил ий.*

ЖИНӘЙӘТ *батк.* 1. кылган эмгек; *жинәйәтимә жараша пул алам;* 2. күнөө, айып; *жинәйәт кылды, шойку да ол.*

ЖИНДӘК *жерг., зам.* бир аз; *жакын эле йу, тилинен жиндәк айырма бар.*

ЖИНДЕ I *зам.* кичине, кымындай, бир аз; *жинде туруп тур.*

ЖИНДЕ I *карс.* жинденүү; *имне жиндеп турасыңбы?*

ЖИНДЕЙ *зам., батк.* тырмактай кичине; *күндүзү перидей, түндөсү жиндей* (таб. жүк).

ЖИНДЕМЕЙ *суз.* жиндичилик; *бирәдә жиндемей адаты бар.*

ЖИНДИ *зам.* кичинекей, кенедей; *жинди–жинди, жинди кыз, жиндиси маңа минди кыз, бир путуну сырайтып тамашага чыкты кыз* (таб. үйдүн тирегичи).

ЖИНЖӘК *жерг.* курушуп, тырышып катып калган нерсе; *жинжәктәй болуп өлсүн!*

ЖИНИЙ *чүй.* жин келүү, ачууланууу; *тим эле, тим эле деди жинийген бойдон.*

ЖИННӘЙӘТ *зам.* күнөкөр; *жиннәйәт болот.*

ЖИҢГӘК *батк.* 1. чокойдун боосунун бекем тырыштырыла тартылышы; *пәйчекинин бowy жиңгәк болуп калыптыр*; 2. уюлгуп, чокмороктошуп калган нерсе; *топурак жиңгәк–жиңгәк болуп калыптыр.*

ЖИҢГӘЛӘК *батк.* 1. тармал; *вой–вой бача, жиңәгәләк болуп кетиптир.*

ЖИҢГИНӘК *баткч.* ичтин түйүлүп, тырышып оорушу; *онун ичи жиңгинәк болуп жатып калды.*

ЖИП: бowуратка жип *батк.* бооротко; **жан жип** *иск.* 1. каамыттын эки жагындагы кулагына байланган жип; *тырмооктун эки жан живи балтырымды өгөдү;* 2. *түшт.* чыйратылбаган бош жип; **жылма жип** *ичк.* сайма саюу үчүн сыдыргыдан өткөрүлгөн жүн жип; **кәнәп жип** *түшт.* кенеп жип; *машинәгә салынган кәнәп жиптер келди*; **кенчир жип** *жерг.* кендир аркан; *саркольчулар бодо малды кенчир жип менен байлайт беде?*; **орой жип** *лейл.* килемдин жиби; **пәрәң жип** *батк.* пахтадан ийрилген жип; *бизде пәрәң жип деп айтат*; **жип салар** *пам.* моюн; *жип саларгаче көрүнгөндө бир аттым*; **саңоор жип** *атб.* бүркүттүн санынан ылдый бутуна байланган жип (кээде ал "танап жип" деп да аталат); *саңоор жибин бош койуп, таманга кагып жиберди*; **тээк жип** *түнд.* капкандын тээгине байланган жип (бул жип менен "ургаачы тээк" жана "эркек тээк" өз ара илиништирилет); **чеге жип** *ичк.* жиптин бир түрү (өнү ак); *чеге жипти кайда койдуң?* **тартма жип** *иск.* бүркүттү, кушту кармоо үчүн торго байланган көгүчкөндүн бутундагы жип (саятчылар ал жипти тарткылап, көгүчкөндү улам – улам козгоп турат); **чөп жип** *иск.* кендир; *чөп жип менен байлап кой*; **чөөлмөк жип** *атб.*

малдын колун тизесинен бүгүп байлай турган жип; *чөөлмөк жипти өткөрүп кой;* **чыйратма жип** ийикке чыйратылган жип; **жип бәйлөw** *баткч.* кудалашкан учурда макулдашкандан кийин кызга кийим – кечек кийгизүү жөрөлгөсү; *бешик кертте йәм жип бәйлөw болот*; **жип жүгүртүү** *түшт.* килемдин аркагын куруу.

ЖИПКЕРИЛ *тяньш.* жипкир; *көңүлү негедир жипкерилди.*

ЖИПТЕ *жерг.* жип байлоо.

ЖИПТИР *жжол.* кыз ойнунда, тойдо өлөң түрүндө ырдала турган ырдын бир түрү; *мен айтамын жиптирдин он алтысын* (үч саптан – үч саптан, 11 – 12 муун менен уйкаштырылып, өлөң түрүндө ырдалган оюн – тамаша ыры).

ЖИРАПКА *жерг.* суу жеп кеткен жардын, адырдын жаракасы; *адыр бүт эле жирапка.*

ЖИРЕК *чүй.* терини жиреп сыйыргандык; *мал сойгондо жирек кылганды билесиңби?*

ЖИРК *лейл.* 1. кемсинтүү; *сен кимди жиркесин деп урушуптур*; 2. кагып урушуу; *ар качан жиркип сүйлөйт.*

ЖИРКҮW *батк.* кагуу, сөгүү; *жиркүwдү көп угасың.*

ЖИТӘРВӘШ жерг. өсүмдүктүн аты; житәрвәштин ургу сенде бардыр.

ЖИТИК *батк.* 1. кемсинтип; *жетимди житирве, увалыңа каласың*; 2. *түнд.* түбү орду менен жок кылуу, батыруу, кагуу; *мыкты житире кагып сал.*

ЖИХЕТ: малы жихет *түшт.* Кокон хандыгынын учурунда айыл чарбачылыгынан алынган налогдун бир түрү (бул налог боюнча түшүмдүн бештен бир бөлүгү салыкка төлөнгөн).

ЖИЧЕ *батк.* биче; *жемиштен маңа жиче бериң.*

ЖОW I *ичк.* май; *мал арыгыны сактасаң owзу–мурдуң жow болор* (мак.); **бет жow** бет май; **казан жow** *пам.* казан майлай турган май; **кол жow** 1. кышында кол туурулуп кесик болуп кеткенде аны майлоо үчүн алынып коюлган ичеги май (бул сөз казак тилинин Семей жагында "жаубүйрек", Кош – Агаш жагында "жаужурек" деген сөздөрүнүн составында жолугат); *кол жow менен майласам, бүтүп калса болову!*; 2. крем; **көз жow** көз май (түндүк говорлордо бул сөз "көздүн жоосу" деген сөздүн составында гана жолугат); **кызыл жow** кызыл май; *койлор кызыл жow болуп кетиптир*; **жow–кыз** *түшт.* эт – май аралаштырып жасалган тамак (түндүк говорлордо "майлуу" тамак деп аталат); *балам, жow–кыз жок, жалаң чәй.*

ЖОW II *ичк.* жоо; *малын жow алган*; **назар жow** зили душман; *найзаны белге байланган назар жowду айдаган*; **жow жүр** *жерг.* касташ, каршылаш, жоо бол; *урушканмын, азыр жow жүрөм.*

ЖОWГАЗЫН *ноок.* жоогазын; *колоттор кымыз жыттанып сергитет ойду жowгазыз.*

ЖОWГАН *батк.* майлуу, эттүү тамак; *ысыгыраак жowган күлчөтай жасачы.*

ЖОWГАНСЫРА *ичк.* этсире, майсыра; *жowгансырап отурганда мейман келип отурганын кара.*

ЖОWГАНТ *батк.* алаксыт; *жowгансып койуп кетип калды.*

ЖОWДОР *пам., лейл.* жоодар; *жowдор бүwдайга окшош.*

ЖОWДУР *зам.* жадырап – жайнаган нерсе; *жowдур көздүw ак сүwсар жоругуң жорго кәәрдәй.*

ЖОWЖЕЛИМ *жерг.* 1. өсүмдүктүн аты (жалпак, жалбырагы

чоң, жегем сыяктанган жабышкагы чыгып турган өсүмдүк. Жерге – Талдын тоолорунда көп өсөт. Жоwжелим жоw "май, майлуу, жалтырак" жана "желим" деген эки сөздөн турат); *жоwжелим деген өсүмдүк өсөт*; 2. жердин аты.

ЖОWЛА *ичк.* майла; *агарып оwзун жоwлачы, эне айе.*

ЖОWЛАМА *жерг.* май сүртүлгөн чабаты; *жоwлама дегенден бир бурдап ал.*

ЖОWЛАН *жерг.* майлан; *оwзу-мурдун жоwланат.*

ЖОWЛӘНДӘР *жерг.* жалдырап сурануучулук; *жоwлөндөр болуп сурап калыптыр.*

ЖОWЛУW *батк.* майлуу; *жоwлуwтамак жасады.*

ЖОWЛУК: бел жоwлук *суз.* белге курчануу үчүн берилген чарчы сый жоолук; **кол жоwлук** бет аарчы; *улуwузга бел жоwлук, кичүwүзгө кол жоwлук*; **кас жоwлук** *зам.* чоң жоолуктун бир түрү (аялдар бул жоолукту белдерине бекем байлап алып тойго барышат); *белдерине кас жоwлук байлашат*; **түймө жоwлук** *жерг.* чачылуу жоолук; *чоң түймө жоwлукту баса салынды*; **шалаң жоwлук** *жерг.* тор жоолук; *шалаң жоwлук салынып жүрөт*; **учурма жоwлук** жука шайы материалдан жасалган, үлпүлдөк төрт чарчы сыйгалак жоолук; *шуру жоwлук тегерегине шуру тагылган кооз жоолук;* **эрине жоwлук салам** ◊ *жжол.* эрин башкаруу.

ЖОWОН *батк.* жоон; *жоwон жип болсо, жакшы тигилет.*

ЖОWРУ *лейл.* жооруу; *колум жоwруду жеңи жоктон.*

ЖОWРУК *лейл.* жорук; *жоwругуң саңа боз балдар, жоголчудай болуптур.*

ЖОWУНТ *батк. к.* жоwгант.

ЖОWУР *тал.* жоор; *аттын жоwуру күчөп кетиптир го.*

ЖОWУШ *жерг.* жоош; *бурма көз Динәр жоwушум.*

ЖОWЧУН *жерг.* чоочун; *жоwчун кәмпир келиптир.*

ЖОWШАК *жерг.* тоо ылдый сүйрөлүп түшкөн жыгач бутактар, караган – сараган отундар; *бүгүн келээри – кечке бир жоwшак отун алдым.*

ЖОВАЗ *ноок.* ичмек; *"жәйилсә жәәнгә батпайт, куwрулса кудайга жакпайт"* (мак.) *жовазды оңдо.*

ЖОВАЛДЫЗ *өзг., ал. к.* жувалдыз; *жовалдыз жок туурдукту жамавай калдым.*

ЖОВАЛДЫРЫЗ *карс.-к.* жувалдыз.

ЖОВАН *ал.* кубануу, толкуу; *жоргону минсе жованат, жованса жото билет* (мак.).

ЖОВАНЧЫК *пам.* кубаныч; *жолуну таап ырдаса, жованчак экен ыр деген.*

ЖОВАР *жерг., пам.* 1. нур; *көп каратып көзүмдүн жоварын алдын кыз зирек*; 2. шоола; *нур жүзүң жылдыздын жоварындай ак дардаз*; 3. көздүн курчу, майы.

ЖОВГАЗЫМ *батк.* жоогазын; *жовгазымдын гүлүн терип келдик* (кээ бир жерде жоогазын менен мандалакты чаташтырып айтып жүрүшөт. Чындыгында бул экөө эки башка ажыратылат).

ЖОВДАР *жерг. к.* жогдор.

ЖОВЛАЙ *жерг.* кулактын балкасы; *кулагыңдын жовлайы жок бала экенсиң.*

ЖОВО *ыск.* уруш, чатак; *жоо келип, жово сала.*

ЖОВОГЕР *түшт.* жоопкор; *ол адамдын өмүрүгө жовогер.*

ЖОВОН *зам.* жыргап ойноо; *жеңилчек салып жовонгон.*

ЖОВОТ *ыск.* туйлат, мөңкүт; *жоор малды жовотот.*

ЖОВУНТ *төл.* жуват; *жовунтуп кой, әке.*

ЖОВУЗКА *лейл. к.* жоңгучка.

ЖОВУП *жерг.* жооп; *әгәрдә жовуп болвосо, азавын тартат.*

ЖОВУР *зам.* жабыр; *бара жатыр жовурда.*

ЖОВУРА I *батк.* калбырдын бир түрү; *жовура менен үйрөйт.*

ЖОВУРА II *өзг.* бакылдап – шакылдап; *жовурап – маарап калды.*

ЖОВУТКАТ *төл.* жооткот.

ЖОГАНСЫРА *өзг.* 1. этсирөө; *жогансырап кеттик;* 2. *пам.* сагына түшүү; *эмне, кинодон жогансырап кеттиңби?*

ЖОГДОР I *лейл., өзг.* 1. канаттуу куштардын тамагындагы, канаттарындагы узун жүндөр; 2. *өзг., лейл., чүй.* төөнүн мойнундагы, бутундагы узун жүндөр; *жогдордон жип ийрилеви?*; 3. *баткч.* адамдын башы "тең" болуп ооруганда аны тендөө үчүн төөнүн жүнүнөн ичке кылып өрүп байлоочу жип; **каркыра жогдор** *ыск.* бүркүттүн мойнундагы узун жүн; *каркыра жогдор башы кара бүркүттөрдө болот.*

ЖОГДОР II *лейл., батк.* кара буудай; *жогдор илгери жавайы чыкчу* (сал. таж. жавдор).

ЖОГЖОЙ *тал.* соксой; *жогжойуп отура берет.*

ЖОГЖОҢДО *жжол.* өйдө – төмөн суу болуп, тарпандап убара болуу; *жогжоңдоп жооп берип жүрвөсүн?!*

ЖОГО I: жого – жого *суз.* кара чирик; *ол вакта жаңак тепселип жүрүп жого – жого болот эле.*

ЖОГО II: жого – жого *түшт.* акырындап телигенге көнүү; *телип жүрүп жого – жого болот.*

ЖОГОН *жерг., батк.* жоон; *узун эде кестим, жогон эде жондум* (таб. ээр); **жогон – жолпу** жоон – жолпу.

ЖОГОНДУК *батк.* жоондук; *ол жип көрпө кавыкка жогондук кылат.*

ЖОГОРКЕЛ *чүй.* жогорку эл (Чүй боорунун тоо этегиндеги айылдарда жашагандарды казакка жакын кыргыздар ушинтип аташат жана алардын тилин "жатыгыраак келет" деп эсептешет, башкача айтканда, казак тилинин сөздөрү аз аралашкан деп билишет); *жогоркел деп сүйлөйвүз, тил жатыгыраак.*

ЖОГОРОК *жжол.* жогорутан; *жогорок, авыдан, шамшыкал деп айтат.*

ЖОГОСО *алб.* же болбосо; *бүгүн жогосо эртей маңа биттә шерик тавылып каса, товго кетем.*

ЖОГОШ *батк.* какшыкчыл; *жогош экен "балалуw өрдөк талпынса, балалары чуw болот, баласыз өрдөк талпынса, жез канаты куw болт).*

ЖОДУГӘР *жерг.* амалкөй, сыйкырчы, жадыгөй; *жодугәр адам.*

ЖОДУГӘРЛИК *жерг.* амалкөйлүк, сыйкырчылык, жадыгөйлүк; *сен жодугәрлик кылвай жөн отур.*

ЖОЖОНЕТ *суз.* чөбөгө; *жожонет кылып отурат экен.*

ЖОЗУ *жетг.* төрт буттуу жапыз стол (бул сөз дунгандар турган кыргыз айылдарында жолугат. Жозу тамак ичүү, тамак даярдоо үчүн колдонулат); *жозуну бери жылдырып койчу* (сал. дунг. чжоцзы).

ЖОЙ *зам.* 1. кайберендин изи; *кийиктер кирсе жой болгон*; 2. уруунун аты (кээде "жойлор" деп аталат, алардын түбү аватка барып кошулат; Баткендин Шурабындагы жой: чычоw, байсары, топор, бакы болуп бөлүнгөн).

ЖОЙВУР *зам.* 1. тоодогу кийик, аркар, элик ж.б. изи; *жойвуру бар бекен?*; 2. *лейл.* чуңкурайып чөгүп кеткен жер; *суw келип жойвурга түшүп жатат* (сал. опкон).

ЖОЙГОНДО *жжол.* сорондоп секирүү; *жем издеген таранчыга окшоп жойгондойвуз.*

ЖОЙГУЧ *зам.* бир нерсени жоно турган курал.

ЖОЙКУН I *ыск.* из; *шиберге жойкун салып келатат.*

ЖОЙКУН II *атб.* согуштук куралдын бир түрү; *кара жойкун болоттой.*

ЖОЙДОК *чүй.* жойлоп өтө турган жер, тоо бети; *ажыдаар жойдок тоонун зоолуу жак бетиндеги акиташ катмары.*

ЖОЙСОКТО *жерг.* ойсокто; *жойсоктовой жөнүрөөк отурвайсыңбы?*

ЖОЙТОНДО *жерг.* жойпулан; *атактуw бай куwланып жойтоңдоду.*

ЖОКЖЕЛИМ *чатк., тал., жжол.* сөөлжан; *жокжелим жерди аңтарып чыгат* (түндүк говорлордо "сөөлжан" деп аталат).

ЖОК: жокко арыктагы суw жок ◊ *батк.* шыпыр, калпычы.

ЖОКОЛОК *түп.* чакан, кичирээк токой; *жоколок токойдун арасын карап чыгышты.*

ЖОКОР *өзг.* жогор; *менин үйүм жокор жакта.*

ЖОКОРТОН *жерг.* жогортон; *жокортон келет лөк, эки көзү көк* (таб. чегиртке).

ЖОКОРУ *ичк.* жогору; *көлдөн жокору бир таш бар: Жокору Алай, Баш Алай, Чоө Алай, Кәттә Алай* (Чоң Алайдын ар түрдүү аталышы).

ЖОКСУЗ *зам.* 1. өрүлүктөө, жентектөө; *көчүп келгенде жокто кылып баравыз*; 2. *түнд.* жок деп издөө, кейүү.

ЖОКЧО *лейл.* төрт кило өлчөмүндөгү оордук; *жарым чейректин жарымыны жокчо деп атоwчу*; **миң жокчо** эки кило өлчөмүндөгү оордук; *жокчонун жарымыны миң жокчо дейт эде.*

ЖОКШО *жерг.* кепше; *үч буту бар аксавайт, жаагы бар жокшовойт, аркасы бар оwнавайт, кургу бар шыйпанбайт* (таб. тулга, жылкы, уй, кой).

ЖОЛ *түнд.* сол; *чөптү көп чаапсың, канча жол жүрдүң?*; **жол үстү, жол асты** *кочк.* бирөөгө карата жакшы – жаман деп ушак айтуу; *жол үстү, жол асты деп ушак ташыйт;* **мыймандар жол алат** *пам.* меймандар жолго чыгат; **жол болду** *түшт.* өсүмдүктүн аты (ак гүлү бар, илгери чай катары ичилген); **жолго жүрдү** *батк* жаңыдан там – туң басып калуу; *мен энди жолго жүрдү болгондо уруш чыгыптыр;* **жол кач** *түшт., ичк.* жол болбой калуу; *менин жолум качса, көр тайгандын жолу качалектир*; **жолго салуw** *пам.* кырсыккан мергенчи менен мылтыкты "ысырык" деген чөп менен ысырыктаса, ал оңолуп ысырык чыгат деген ишенүү ырымы; *мылтык же адамды ысырыктаса, жолго салуw болот деп эсептешкен*; **жолдон чыгуw** мергенчи же башка бир адам карга атып, тийгизе албай койсо, мылтык да, адам да кырсыгып, кырк күн боюу жолу болбойт деген ишенүү; *конду ата алваса кырк күн жолдон чыгуw болот*; **жол эгеси** *жерг.* айылчы; *жакшы айал – үй эгеси, жаман айал — жол эгеси* (мак.); **ак жол** *суз.* 1. жолго чыкканда ак тилекти каалоо үчүн айтылуучу сөз; 2. *батк.* ак жолтой; *качып бараткан бугуну жүстөмөндөткөн ак жол эле*; **айланма жол** *түнд.* ийри – муйру айланыш жол; **базар жол** *ыск.* 1. базарга баруучу жол; 2. *өтм.* ырыс, бакты; *базар жолу байланды дейт*; **жамбаш жол** *ыск.* узун, кара жолдон бөлүнүп кеткен туура жол; **жетим жол** *өзг.* мал жүргөн кичине кыя жол; **жүйөw жол** *жерг.* 1. жөө гана адам жүрө алган ичке чыйыр жол; 2. жердин аты (эки жагы аскалуу жылга); *жүйөw жолуга кирген кийик качалвайт*; **как жол** *түшт.* куу жол;

кара жол 1. кара жолтой; *кара жол, кара бет болгонудан күйөwдөн ажырады дэ*; 2. жолу болбогондук; **кашка жол** *жерг.* 1. алыстан караганда аппак болуп, даана көрүнүп турган жол; 2. жердин аты; *кумдун ичиден чыкчу жолду Кашка–Жол дейт*; **кәлтэ жол** *лейл.* төтө жол; *кәлтэ жол менен бара койолу*; **кәрвән жол** *зам.* 1. кербенчилер жүргөн жол; 2. *өтм.* өлүм; *бирөw эртең, бирөw кеч баравыз кәрвән жолуга*; **кәрвән жолу** *жерг.* узун кеткен топ жылдыз; *кәрвән жолу — жылдыздын аты*; **кәтәк жол** *түшт.* чаар ала сызык; **кой жол** *жерг.* ичке кетип, жөө жүрө турган чыйыр жол; *киши жүрө турган кичине жолду кой жол дейт*; **кулак жол** *түнд.* комуздун башына үстү жагынан бирдей аралыкта көзөлгөн үч тешик; *комуздук кулак жолдорун көрсөтчү*; **куш жол** *чүй.* асманда түн ичинде көрүнө турган ак чалыш келген жазы из (кээ бир жерде ал "кой жолу, саманчынын жолу" деп аталат); **кынтык жол** *ал.* жээги жемирилип калган жол; *кынтык жолдон баса алвай келатам!* **пийәдә жол** *жерг.* жөө адам жүрүүчү жол; *пийәдә жол менен кете берди*; **таман жол** *тал.* кой көп жүрүп пайда болгон жалгыз аяк жол; *бир таман жол менен белес аштык*; **төгөрөк жол** *өзг.* айланыш жол; *ондой жакын көрүнгөнү менен төгөрөк жол ол*; **сокмо жол** *түшт.* чыйыр жол; *жалгыз аяк сокмо жол менен кетиппаратат*; **сокмок жол** *батк.* тоолуу жердеги (айыл арасында) жалгыз аяк төтө жол; *сокмок жол менен пийәдә жүрөт*; **чийне жол** *батк.* тоодон отун сүйрөп түшкөн жол; *чийне жол менен келе жатам*; **шивээ жол** *чүй.* Тянь – Шандан Фрунзеге чейинки илгерки кара жолдун аты.

ЖОЛВУН: жолвун үй, жолвун алачык *тяньш.* жолум, жолум үй (керегеси жок эле жасалган алачык).

ЖОЛДАР *батк.* басыктуу ат; *жолдар ат экен.*

ЖОЛДО *жжол.* жыл кылуу, сый көрсөтүү; *алтын тон жолдоп нийетин агартты.*

ЖОЛДОГУЧ *лейл.* бир нерсенин черновой варианты; *баштап жолдогучуңарды жазгыла.*

ЖОЛДОМО *түшт.* адам жолго чыгарда бериле турган бата; *жолдомо батасы менен раазы кылат.*

ЖОЛДОШ: жолдош сурамай *түнд.* балдардын ойнунун бир түрү (кыздар жана балдар эки тарапта бөлүнөт, бир – бир баланын түгөйү жок болот, ал бирөөнүн жолдошун сурайт, бервесе ырдайт).

ЖОЛДУК *түнд.* 1. ырым – жырым кылгандык үчүн берилген акы; *бир–эки сомдон жолдук түшөт*; 2. жолго чыгып, бирөө алыска баратканда берилген акча (азыр бул жөрөлгө кээ бир жерде "чай пул" деп аталат); **бир аз жолдук бер** 3. *өзг.* "кудайга" арналып сарпталган чыгым; *кудайга аталган жолдук*; 4. *батк.* күйөө менен кыз адеп баланыкына келе жатканда аркан менен жол тосулуп, ага карата берилүүчү сый; *жол тоскондорго жолдук берген*; **кара жолдук** *чүй.* илгери жол салып, жол ондогондук үчүн төлөнгөн чыгым; *кара жолдукка бирден кой бериптир.*

ЖОЛЖАКШЫ *жжол.* уруунун аты (к. тувай).

ЖОЛЖОГОЙ *ыск.* оозу – мурдунун эби – сыны жок адам; *жолжогой түгөт, качан келет?*

ЖОЛЖОЙУҢКУ *ыск.* жолжогоюраак тарткан нерсе; *жолжойуңку мурун.*

ЖОЛОWЧУ *ичк.* жолоочу; *жолоwчу салкын кетсин деп.*

ЖОЛОЙ *лейл.* азап – тозок; *жоол бервесе жолойуда курайык.*

ЖОЛОК I *ош.* коондун кабыгынын сабак жак түбүндөгү каралжын келген из; *жолок да жолочу.*

ЖОЛОК II *базк.* кыр, жылга; *жолок, ак чечек, даваан, зырык деген сөз бар.*

ЖОЛОК III *батк.* май жубаз басканда бир жерди айлана берип тапталып калган жол; *жолокту оңдоп катып "жән оwруткан дос болбос" дейт*; **адам жолок** киши айлана берип түшкөн жол; *адам жолокту түздө*; **ат жолок** ат айлана берип түшкөн жол; *ат жолок казылып кетиптир.*

ЖОЛОС *өзг.* жон, кыр; *жолос ылдый жол салган.*

ЖОЛОТ: жолото койвой чап *лейл.* жолотпой чап.

ЖОЛООЧУЛАЙ *лейл.* өлүк жабуу.

ЖОЛТОЙ *жерг.* ак жолтой; *жолтойумдан ий десе* (кичине балага эркелетүү маанисинде айтылат).

ЖОЛУ *жерг.* майлуу; *бүгүн жолу боорсок кылсаң.*

ЖОЛУМ: жолум үй *ыск.* малчылар тигип ала турган керегесиз кичине боз үй; *жолум үйдөй даңканы.*

ЖОМ I *пам.* жумуру; *жом тайак экен.*

ЖОМ II *баткч.* кирбигий; *ырым–ырым, жом–жом кыз болуптур.*

ЖОМДО *пам.* 1. бир нерсе жаса, иште, кыл; *әйнәнәйин шу ишти жомдо;* 2. ымда – жымда; жумурла; *тайакты жомдоп жаса.*

ЖОМЖОЛО *жерг.* жоромолдо; *жомжолоп окуп кете беревиз.*

ЖОМОКОЙ *ыск.* жоголуп кетип табылган адам; *анын атын жомокой деп койушуптур.*

ЖОМОЛО *лейл.* томолот; *жардан жомолоп кетти.*

ЖОМОЛОК *лейл.* томолок; *жомолок бир нерсени кыстарып койду.*

ЖОМОЛОН *лейл.* жумалан.

ЖОМСОЛО *батк.* жондотуп сүйлөө; *жомсолоп эле айта бересиң.*

ЖОМСОМ *лейл.* 1. аз – аз билүү; 2. аздап бир нерсени эбине келтирүү; *жомсом кагам.*

ЖОН: кара жон *пам.* 1. балыктын бир түрү (Памирде балыкчылык анчалык жок, бирок айрым жерде балыктын кээ бир түрлөрү ажыратылат: кой балык — сазан, ит балык — щука); 2. *өтм.* кара күч эмгеги менен иштеген киши; **чаар жон** илбирстин бир түрү.

ЖОНГУЧКА I *тяньш.* көк беде; *жонгучка чаптым.*

ЖОНГУЧКА II *түшт., тал.* жапайы беде; (Жерге – Талдыктар жонгучканы жанчып, кесикке, тиликке дары катары тартат); *жонгучка кесикке дары.*

ЖОНЖЕЛИМ *жжол. к.* жокжелим (кээ бир жерде аны "сөөлжан" деп аташат).

ЖОНКОН: жонконун береви? *тал.* эчтекеси жок болсо эмнесин берет?

ЖОНО *зам., батк.* жон; *жонодо калды көчтөрү.*

ЖОНОКЧО *түнд.* тоонун кичирээк кыры, жону.

ЖОНОН *жерг.* оголек менен тартыла турган тажикче күү; *кошукчу, меселчи, метелчи, жомокчунун баары эле жононду билет беде?*

ЖОНОС *жерг.* 1. тик ылдый түшкөн тоо кыры; 2. *пам.* тоонун кыры менен кеткен жол; *жонос менен жол* жүрдүк; **жонос жолдуw** ◊ жолу болбогон киши.

ЖОНУМДУW *жерг.* жонуга ылайыктуу, бутаксыз нерсе; *жонумдуw тактай экен.*

ЖОНУМДУУ *түшт.* сөөк – саактуу; *тартайган жонумдуу киши.*

ЖОҢУЧКА *жерг., лейл.* жапайы беде; *жылкы жоңучка менен гөдөөнү жейт;* **эшек жоңучка** кашка беде (сөөктүү, узун, катуу жапайы беде); **сары жоңучка** жапайы беденин бир түрү; **тай жоңучка** жумшак, ичке саптуу жапайы беде.

ЖОҢГУ *зам.* жумуру жыгачты жонуп жылмалоочы курал; *жоңгу менен жонуп жатат.*

ЖОҢУРСКА *өзг., к.* жоңгучка; *жоңурска гүлүн чайнаткан.*

ЖОО: кейип жоо *түшт.* кейип – кепчүү; *бүт ылай болдум да, – деп кейип жооду.*

ЖООВАЛДЫЗ *ал. к.* жувалдыз; *жоовалдыз менен колумду сайды.*

ЖООГАЗЫН *ыск., чүй.* жаз алдында сары, кызыл ала гүл ача турган өсүмдүк; *жоогазындын түвүн жейт.*

ЖООГАН *өзг.* катык; эт – аш; *жооган калат деп кәйивә.*

ЖООДАРЫ *түшт.* өсүмдүктүн аты; *жоодары гүлүн төккөндө чөп орула баштайт* (кээде мунун данын тамакка да пайдаланат).

ЖООЖЕЛИМ *өзг.* 1. өсүмдүктүн аты (ат кулакка окшош болот); 2. *жжол. к.* жокжелим (сөөлжан).

ЖООКАН *суз.* какшан; *жооканып ырдап мен калдым.*

ЖООЛА *пам.* 1. жууп, тарап тазалоо; *аттын күйругун качан жоолайсың?*; 2. *лейл.* соорот; *ач балдарды жоола.*

ЖООЛАКТА *түшт.* кылчактоо; *сурооо жоолактап түз жоп бервейт адатынча.*

ЖООЛУК: жоолук таштамай *түнд.* оюндун бир түрү; **кәтәк жоолук** *жжол.* марля сымал шалаң жоолук; **кол жоолук тартуw** күйөө жана күйөө жолдошторго кыз жак кол жоолук берип ырдатуу жөрөлгөсү (ырдап жатканда алар кол жоолукту улум – улам жерге тийгизип таазим кылышат); **кыйма жоолук** *ош.* четтери саймаланган кол жоолук; *кыйма жоолуктан бирди берет белең?*; **шалпар жоолук** шуру жоолук; *ак шалпар жоолукту үлпүлдөк таштап.*

ЖООН *ал.* алаксы; *жолдо жалгыз жүргөндүн жоонганы нас.*

ЖООНТ *лейл., батк.* жубант; *бир бәләә берип жоонт.*

ЖООНУ I *лейл.* жооной; *жонгон сайын жоонуйт, кескен сайын узарат* (таб. ороо).

ЖООНУ II *жерг.* жадырап – жайноо жыргоо; *бирде туруп жаш балача жоонот.*

ЖООҢ *батк.* жогуңуз; *жооң бовойт.*

ЖООП *жжол.* уруксат; *кана, эмес, мага жооп туугандар;* **азыр жооп** *ыск.* куру сөз; *өзү да талап кыла алваган азыр жооп берет экен;* **жооп сураш** – нике тойдон кийин кыздын ата – энесине барып ыраазы кылуу.

ЖООР: өлөң жоор *өзг.* айыкпаган жоор; *бул ат өлөң жоор.*

ЖООРОП *түшт.* килемдин жээгине түшүрүлгөн ичке сайма.

ЖООРУ I *пам.* жору; **жоорудай көзү кызарат** ◊ ачуусу келди; **жоорудай күркүлдөйт** ◊ сук.

ЖООРУ II *пам.* жору; *түшүмдү жооруп бер.*

ЖООРУ III *жжол.* бабырап сүйлөө; *анча неге кеп жооруйт.*

ЖООЧАЛЫШ *чүй.* уруунун аты; *Чаанын ортончу зайывынан жоочалыш эли тарайт.*

ЖООЧУН *ош.* чоочун; *кандайдыр жоочун.*

ЖООШ *түнд.* момун; *жоош бала турбайбы* (Кочкордо "мөшкө" Лейлекте "мөм" деп аталат); **жооштон**

жоон үн ◊ *батк.* жооштон жоон чыккан өкүм, күч; **жоош–жоош** *ыск.* малды жоошутуу үчүн колдонулуучу сырдык сөз.

ЖОПАРА *жжол.* 1. бетме – бет, жүзмө – жүз; *жопараңа токтоло карады*; 2. учур, чак, мезгил, маал, убак; *а жопарада шакка корголоду.*

ЖОРВУК *ыск.* сук, ач көз; *жору–жорбук, таз жара.*

ЖОРГО: жорго салдырмай *түнд.* жорголорду салдырып, аларды сыноо ойну; *жорго салдырмай да кызык болот*; **бешиктин жоргосу** *өзг.* бешиктин бутундагы кайкалак жыгач; *бешиктин жоргосу болвосо, бешик термелбейт*; **әйдәмә жорго** *жерг.* чалма жорго; *онун аты – әйдәмә жорго*; **кыл жорго** *жерг.* чайкама жорго; *кыл жорго тандап мингизсин, кырмызы кымкап кийгизсин;* **он жорго** устукан (ичкиликтерде эт устукандалып, он жоргого бөлүнүп, меймандарга тартылган); **сайак жорго** *батк.* кой жорго; *бир сайак жоргом бар эде*; **суw жорго** *жерг.* суудай тез жүргөн жорго; *суw жорго тандап мингизсин, супайы тонун кийгизсин;* **сыр жорго** *жерг.* чапма жорго; *сыр жоргону сылжытат*; **такыр–түкүр жорго** *пам.* акырын майдалап секире баскан жорго; *такыр–түкүр жоргосу, башында бар торвосу, таңга маал азаны, тамагыда казаны* (таб. кекилик); **чор жорго** *жжол.* айдама жорго; *чор жорго минген сулуу деп.*

ЖОРГОЛОШ: көр жорголош *батк.* көр короолу; *көр жорголош деп Согментте айтат.*

ЖОРГОМ *пам.* жоргонун жүрүшүн элестеткен күү; *жоргом гүwдү чалып койуң.*

ЖОРО I *зам.* эгинди калбырлап, үйрүп тазалоо; *бuwдайды чаргыдан ажыратыш үчүн дас менен жоройвуз.*

ЖОРО II *батк.* ыйгар; *селдесин кальң орогон, сен үчүн келме жорогон.*

ЖОРО III *батк.* болжо; *сен жороп эле сүйлөй бересиң да.*

ЖОРО IV: жар жоро *чүй.* жакын, ынак, тентуш; *жар жоросу жылкычы;* **жигит жоро** *батк.* 1. жигиттин жолдошу, курбусу; 2. адамга пайда келтирүүчү жандык (музоо баш, бешик тервет ж.б.); *музоw баш — жигит жоро*; **кара жоро** *батк.* чөп өсүмдүгүнүн бир түрү (ичке сабактуу, баш жагынан жалбырак байлаган өсүмдүк); 3. *тяньш.* жөлөк, эш; *кара жоросу жок киши*; **кырк жоро** *тал., өзг.* кырк адам уюшуп, кезектешип кой союп, бозо ичип, оюн куруп, тамаша өткөрүү жөрөлгөсү; *кырк жоро ичели деп жүрөвүз.*

ЖОРООЛОГУЧ *тоң.* ар нерсени жоруй берген адам; *ырымчыл, жороологуч адам кейиптенет.*

ЖОРОП I *жерг., зам.* 1. жүндөн кооздолуп согулган саймалуу узун байпак; *кышындасы жороп кийет*; 2. **жүн жороп** жүн жиптен согулган байпак; **гүлү ала жороп** ак – кара түр салынып согулган байпак; **гүлү сәдбәрк жороп** 1. өтө кооз саймаланган байпак; 2. *өзг.* килемдин четине салынган жээк; **гүлү әлмин жороп** жоропко токулган сайманын бир түрү; **дыйкан жороп** *зам.* 1. кырман шыпыра турган шыпыргы; *дыйкан жоропту бери бер*; 2. башына ак тикен чыга турган, узун келген өсүмдүктүн аты; *тоок дыйкан жороптун арасына кирип кетти.*

ЖОРОП II *батк.* жоруп; *будайдын жоровун тартып турдум.*

ЖОРТ *жерг.* атты желдирүү; *атты жортуп кете берди.*

ЖОРТЕКИ *лейл.* 1. калп; *жортеки эле чакыртыптыр мени*; 2. калпычы адам; *ол шум эде, жортеки айткан.*

ЖОРТМОЛО *жжол.* акырын

жортуу; *майда жел жорттмолоп жүрөт.*

ЖОРТМОЧТО *өзг.* желип – жортуу; *өйүздөгүлөр атка минсе эле жотмочтоп жүрчү экен.*

ЖОРТО *алб.* майдалап тез – тез баскандык; *жорто–жорто басып баратат.*

ЖОРТОК *түшт.* 1. мөм, былжыр адам; *эч нерсеги тәви тартпай жорток болду*; 2. маңыз; *сүйлөгөнү жорток экен.*

ЖОРТОКУ *батк.* жорток; *жортокумал экен.*

ЖОРТОЛО *алб.* майдалап басуу; *жортолоп басып кечикти.*

ЖОРТТУР *жерг.* желдир; *жорттуруп келип эңип алат.*

ЖОРУ *түнд.* канаттуунун аты (жорунун ар кай жерде: көк жору, сакалдуу жору, жон жору, коң жору, таз жору же таз кара, кәл жору, журтчу же тарпчы жору, кәл журтчу, кумай, көк кажыр, ак кажыр, балта жутар деген түрлөрү бар); **жору отуруш** *тоң.* ээрге зоңкоюп отуруу; *жору отуруш менен отуруп күңкүйүп келатат.*

ЖОРУК *пам.* уурулук кылуу, бир нерсени басып, тартып алуу.

ЖОРУКЧУ *пам.* уурулук кылган, же бир нерсени тартып алган киши; *жорукчу келип койуну айдаган.*

ЖОРУН *суз.* уруунун аты.

ЖОСӘРӘ *лейл.* чоң арыктын катарынан дагы жүргүзүлгөн кичине арык.

ЖОСМОЛ *батк.* жоромол; *жосмол менен гәп урат.*

ЖОСМОЛДО *батк.* жоромолдо, божомолдо; *жылкыларды жосмолдоду.*

ЖОСОКТО *лейл.* чамала, болжо; *жосоктоп әйтәт.*

ЖОСПАР *тал.* план; *жоспарды качан бүтүрөт?*

ЖОСУН I *батк.* арыктын нугу, изи; *арыктын жосуну.*

ЖОСУН II *батк.* күнү катын; *жосунун көрө алвайт.*

ЖОТО I *жжол.* тамактын аты; *каскан болсо, жото жасайт.*

ЖОТО II: жото болду *батк.* учадан кийинки экинчи даражадагы мүчө (мейманга тартылган кезде); *уча жолу, жото жолу болуп бөлүнөт.*

ЖОТОН *ал.* жок, жылас, тып – тыйпыл; *жок–жотон болуптур.*

ЖОШО *пам.* 1. өсүмдүктүн аты (кызгылт түстөгү чөп); 2. *түнд.* кызыл түстөгү жошо.

ЖОШОЛО *лейл.* чопону эзип чылоо.

ЖОШОЛОТ *пам.* "жошо" чөбүн аралатуу; *малды жошолотуп айда.*

ЖОШУЛ *жерг.* 1. эзил, эри; *элгеме жоргомо боз аттай жошулайын мөлмөлүм*; 2. *өзг.* чайкал; *жоргосу жолдо жошулат*; 3. *суз.* төгүл, куюл; *аккан терим жошулат;* 4. сылап – сыйпоо; *атты колу менен жошулады;* 5. *өзг.* барган сайын арбуу, илгерилөө; *жортkондо жолу жошулат*; 6. *зам.* бүрдөп көгөрүү; *жалбырагы жошулган, жанаттын ысы кошулган.*

ЖӨW I *пам.* жөө; *ат сыйлаган жөw баспайт, эр сыйлаган эшикке жәтпәйт* (мак.).

ЖӨW II *түшт.* жесир аял.

ЖӨWЛҮК *батк.* бүт, баары, чогуу; *мен бүwдайды жөwлүк алдым.*

ЖӨWӨ *алб.* жөө; *истәнсийәгә чейин жөwө барышат.*

ЖӨWӨК *базк.* жөөк; *эки жөwөктүн ортосуда жүрөт*; **ок жөwөк** *жерг.* түз тике салынган жөөк; *сүwдү ок жөwөктө.*

ЖӨВӨН *жерг.* арпанын унунан жасалган нан; *жөвөндү азыр жасавайт* (бул сөз кээде "жөөн, жөвүн" болуп да айтылат).

ЖӨГӨ *ноок., зам.* кокту; *жөгө менен барып кырага кирет.*

ЖӨЖҮК *жерг.* өсүмдүктүн аты; *казал жөжүк жөжүктүн бир түрү* (көк,

сары болуп гүлдөйт); **пахта жөжүк** кызыл гүл ача турган жөжүк; *Марат пахта жөжүктүн сүрөтүн тартты.*

ЖӨЙӨК *жерг.* жөөк; *жөйөк деп айтат*; **айланма жөйөк** картошканын арасына салынган айланма арыкча; *үч айланма жөйөк сугардым*; **тywру жөйөк** туура – туура тартылган жөөк; *бүгүн сywду тywру жөйөккчө ичет.*

ЖӨКӨ *пам.* ичке, кыска жип; *жөкө жипти апкел.*

ЖӨКӨР *жерг.* күйөө жолдош; *күйөw жөкөр болот беден?*

ЖӨКӨШ *лейл.* тоң моюн; *сен айавай эле жөкөш экенсиң.*

ЖӨКӨШТҮК *батк.* тоң моюндук, көктүк; *жөкөштүк кылып суратты.*

ЖӨЛЖӨЙ *чүй.* кичирээк болуп, жүдөп жүрүү; *жөлжөйбөй тың бол.*

ЖӨЛЖӨГӨЙ *чүй.* жөлжөйгөн адам; *аа, байкуш жөлжөйгөн, сен белең?*

ЖӨЛЖӨЙМАТ *чүй.* жөлжөйгөн адамды какшыктоодо айтылуучу сөз; *ай жөлжөймат, колуңду тарт, өсүм жазайм.*

ЖӨЛЖӨЙҮҢКҮ *чүй.* жөлжөйүбүрөөк жүргөн адам; *жүдөп какаган жөлжөйүңкү неме экен.*

ЖӨЛӨW *пам.* жөлөк, таяныч.

ЖӨЛӨК I *жерг., батк.* кене сымал жандыктын бир түрү (жөлөк кой – эчкиге жабышат); *жөлөк баскан мал* (илгери жөлөк жабышкан малды жергиликтүүлөр атайын ырымдашкан. Ал үчүн аралыгы бир метр болгон эки жерге казык кагып, казыктардын башын кошкон жип тартып, ал жиптин орто ченине куран китеп байлап, анын алдынан жөлөк баскан малды акырын айдап өтүшкөн. Мал өтүп жатканда ырымчыл адам дем салынган чоң идиштеги суудан улам – улам ууртап алып, кой – эчкилерге, корукка бүркүп турган); **жөлөк баскыр**! *батк.* малды каргап – тилдегенде колдонула турган сырдык сөз; *жөлөк баскыр, кайт ылдый!*

ЖӨЛӨК II *батк.* 1. кампадагы дандын жыгач менен тосмолонгон бөлүгү; 2. тоонун жантайма боору; *малды жөлөккө айдап жибер*; 3. *акт.* такак; *жөлөк болчу бирдеме барбы?*; 4. *жжол.* чаканбеш ойнунду кенге тигилген таштын алдына коюлган таш, топурак.

ЖӨЛӨКЧӨ *чүй.* таяныч; *кайгысына кантип жөлөкчө болом.*

ЖӨЛӨКЧҮ *жерг.* кой – эчкинин жөлөк жабышып ооруган дартын ырымдоочу адам; *жөлөкчүсү малды көрөт.*

ЖӨЛӨМӨ *түшт., миф.* ар балээден колдой турган пир; *жөлөмөсү бар деди чочкчо сакал адам.*

ЖӨЛӨНЧҮК *батк.* жөлөнчү, жөлөмчөк; *жөлөнчөгү бар муун.*

ЖӨЛӨҢКӨ *жерг.* 1. жөлөңкүч; 2. *жерг., батк.* тоонун боор сымал сымак тайпагайыраак жери; *айылың үстү жөлөңкө, ай тийбеген көлөңкө.*

ЖӨМЖӨВҮЛ, ЖӨМЖӨГҮЛ *жерг. к.* женжевил.

ЖӨМӨЖӨЛДӨ *ыск.* жоромолдо, божомолдо; *билвесе да жөмөжөлдөгөн.*

ЖӨМӨЛӨК *батк.* чач учтук; *жөмөлөк учуң шырп этет.*

ЖӨҢГӨР *ичк.* жөнгө салуу; *шол ишти жөңгөрүп кел.*

ЖӨНДӨН *ыск.* тазаланып жөнгө келүү; *шумкар көтөрүлүп жөндөнөт.*

ЖӨНКҮ *пам.* кетенчикте; *айуw бери жөнкүйт, ол илгери түртөт.*

ЖӨНӨКӨЙ *жерг.* чикит ойнунун бир фазасы.

ЖӨНТӨК I *атб.* момун; *эчки баласын "тентегим" дейт, кой баласын "жөнтөгүм" дейт.*

ЖӨНТӨК II *тал.* чөнтөк; *кастундун жөнтөгү бар.*

ЖӨНТҮК *тал.* жөндүү; *жөнтүк акыл чыкпай койду.*

ЖӨНҮДӨ *лейл.* жөнүндө; *мектеп балдары жөнүдө.*

ЖӨНҮК *тоң.* тыңы; *сынган бутунан жөнүгө албады дешет.*

ЖӨҢКҮ *алб.* мөңкү; *директор бол десек, болвой эле жөңкүйт.*

ЖӨҢКҮЛ *ыск.* жол тартуу; *ай, ийри тумшук, кайда жөңкүлдүң?*

ЖӨҢКӨМӨ *батк.* 1. өзүнөн – өзү сүйлөп, ишке орунсуз киришкен киши; *жөңкөмө экенсиң, жөңкүп сүйлөй бересиңби?*; 2. мөңкүп баскан мал; *ол мал жөңкүмө.*

ЖӨӨ: жөө калды *ыск.* илгери абак деген комузчунун атын бай тартып алганда, арман кылып черткен күү; *жөө калды – муңдуу күү*; **жөө сала** *тоң.* жөө жүрүп салууга көнгөн бүркүт; *жөө салар бул арадагы бүркүттү талкалады го.*

ЖӨӨЖӘЛИН *ал.* сөөлжан; *жөөжәлин жердин үстүнө жаандан кийин чыгат* (Баткенде "жөөжылан" деп айтылат).

ЖӨӨК I *түшт., тал., чүй.* пахта, тамеки, кызылча аралыгына тартылган сол; *канча жөөк сугардың?*

ЖӨӨК II *ыск.* толкундун түрмөгү; *толкун жөөк таштайт.*

ЖӨӨЛЖАН *атб.* сөөлжан; *жөөлжандай сойлотуп кеңиретти.*

ЖӨӨЛӨ: жөөлөп чык *чүй.* куш, бүркүт тойгондо акырын жай секирип, эттен чыга берүүсү; *тойгондо жөөлөп чыгат.*

ЖӨӨН I *жерг. к.* жөвөн; *бир кезде жөөн да жегенбиз.*

ЖӨӨН II *лейл.* соргок; *беш нанды бир жеген жөөн.*

ЖӨРГӨК *жжол.* ороо – чулгоо; *баланын жөргөгүн алып берчи* (пал. уйг. йөргө; каз. ккал. жөргек; өзб. йургак ж.б.).

ЖӨРГӨКТӨ *жжол.* ороп – чулга; *баланы жөргөктөп жибер.*

ЖӨРГӨЛӨК *түнд.* жөргөлөп жүргөн жан, адам; *ой, тетиги, жөргөлөк кайда бараттат;* **Айдараалынын жөргөлөк** *тал.* колду, тула – бойду түркүн кыймылга келтирип, сөз аралаштырып, тамаша менен чертилген күү; *Айдараалы жөргөлөк – таластык айтылуу комузчу Айдараалынын күүсү* (кээде ал "көйрөң күү" деп да аталат).

ЖӨРГӨЛӨМӨ *жерг.* кекиликтин жаңыдан учайын – учайын деп калган учуру; *Баткенде "тоголоттмо" дешселер, бизде "жөргөлөмө" дешеттер, ондо кекилик чөжө учайын деп калат.*

ЖӨРГӨЛӨМҮШ I *өзг., ал.* жөргөмүш; *жөргөлөмүш тор бәйләйт* (түндүк говорлордо "жөргөмүш" деп айтылат.

ЖӨРГӨЛӨМҮШ II *пам.* суу боюнда өсүүчү өсүмдүктүн аты; *балдар жөргөлөмүш терет.*

ЖӨРГӨМ *түнд.* кой – эчки союлганда ичеги – боор, өпкөсүн аралаштырып өрүп бышыргандагысы; *жөргөмдөн кесип берчи?*; **ак жөргөм** өпкө, ич май, ичеги аралаштырып жасалган жөргөм; *ак жөргөм таттуу болот*; **кара жөргөм** өпкө, ич майсыз жалаң ичегиден жасалган жөргөм; *шашып кетип кара жөргөм жасадык.*

ЖӨРГӨМҮШ I: жөргөмүштүн жөтөлгөнүн билет ◊ *түнд.* куу, митаам.

ЖӨРГӨМҮШ II *түнд.* өсүмдүктүн аты (бул өсүмдүк тоодо өсөт да даны желет, даны таруу сымал келет).

ЖӨРМӨ I *пам.* жөрмөм; *бүгүн жөрмө жасап жедик.*

ЖӨРМӨ II *түшт.* 1. тигиштин бир түрү (көбүнчө бир нерсенин жээгин жөрмөп тигүү) 2. сайма, кештенин бир түрү.

ЖӨРМӨМӨ *жерг.* 1. сайманын бир түрү (кошуу формасында абдан кооздолуп сайылган сайма); 2.

жөрмөмө саймасы сайылган буюм (жөрмөмө адегенде өзүнчө сайылып, анан буюмга тигилет. Кээде буюмдун өзүнө бир бул жагына, бир тигил жагына кыйшык түрдө өткөрүлүп сайылат да, аягында крест пайда болот); **багжагай жөрмөмө** сайманын бир түрү; *"миң оwуз сүйлөсө, бир оwуз жөн турбайт" дейт, багжагай жөрмөмөнү кармалап.*

ЖӨРМӨЧҮ *пам.* жөрмөм жасаган киши; *жөрмөчүгө айла жок.*

ЖӨСӘРӘ *лейл.* он – он "әгәттин" башын бириктирген кичине арыкча; *жөсәрәни жасап бүттүк.*

ЖӨТКҮР *чүй.* жөткүрчөөк; *арык койду, жөткүр койду издеди.*

ЖУW *тал., ичк.* жуу; *ийдишти жуwат.*

ЖУWГУЧ *жерг.* өлгөндөрдүн кийимдерин таратуу жөрөлгөсү (бу жөрөлгө 12 жаштан жогоркуларга тийиштүү).

ЖУWЖАЙ *жерг.* 1. ээр каптай турган тери; 2. такым; *жуwжайы тырышкан тери*; **кыл жуwжай** 1. жүнү түшүп, бирин – серин кылы калган бырыш тери; 2. *өтм.* ачуусу келип, бырышып турган киши; *кыл жуwжайы тырышып турат*; **кәл жуwжай** таз баштын бырыш – тырышы.

ЖУWЖӘЙ *жерг.* 1. суулук, ооздук; *жуwжәйы жок башыны тарттырвайт*; 2. *пам.* ооздуктун эки жагындагы тогосу; **жуwжәй того** *жерг.* кыл того; *кылдан жуwжәй того кылыптыр.*

ЖУWРАТ *ичк.* жуурат; *жуwрат койук болот.*

ЖУWУ *жерг.* жуу; *колдоруну жуwуп отуруп жейттер.*

ЖУWУК *лейл.* жуук; *алыскыны жуwук кылган кыз бала.*

ЖУWУЛГУЛУК *жерг.* жуула турган нерсе; *жуwулгулук кириң барвы?*

ЖУWУР жерг. жууру; *биринчи жолу хамырды жуwуруп жасайт.*

ЖУWУРГУЛУК жерг. жуурула турган нерсе; *бир жуwургулук ун бер.*

ЖУWЧУ лейл. жуучу; *куру калдым жуwчудун жаманыдан.*

ЖУВА I *пам., кашк.* уйгур фасонунда жака салынбай көбөөлөнгөн тон (жуванын көбөөсү саймаланган кара таз баркыттан салынат).

ЖУВА II *жерг., батк.* үбөлүктүн бир түрү (эки башы ичке, ортосу жоон, томпок келет); *жува менен нан жазалат*; **нан жува** *батк.* тандырга нан жаба турган болгондо колдонулуучу үбөлүк.

ЖУВА III *тал.* өсүмдүктүн аты (Чүйдө "сарымсак", Ысык – Көлдө "согоон" деп аталат).

ЖУВАЗ *түшт.* май басып, күрүч актай турган тегирмен; *жувазга барып келдим;* **ай жуваз** *түшт.* май чыгаруучу "жуваздын" бир түрү; *ай жуваздай кашың бар*; **ак жуваз** *өзг., ар., суз.* 1. шалы актай турган жуваз; *ак жувазга барып шалы актап келем;* 2. *ичк.* иймекей кылып терилген каш; *кашын терген ак жуваз*; **май жуваз** *түшт.* зыгырдан май тарта турган жуваз; *май жуваз деп мурун айткан*; **өгүз жуваз** күнжүт, чигит басып, май чыгара турган жуваз; *азыр өгүз жуваз жок;* **жуваз айда** *зам.* төөментек алып жазалоо фазасы; *жуваз айда дегенде башыга чыканакты койуп муш кылат.*

ЖУВАЗКАНА *батк.* 1. жуваз үчүн арналып салынган там; *тиги жепирейген там жувазкана;* 2. жаңгак, данек, зыгырдан май басып алуу үчүн атайын жасалган установка; *жувазканаңдан зыгыр йак алып кел.*

ЖУВАН *өзг.* жубан; *жуванга кыйын болду калганы*; **ордо жуван** үй тиричилигине бышык, тың,

сүйкүмдүү жубан; *отурганың ордодой, ордо жуван ашык жар.*

ЖУВШАЛ *жерг.* ак ыргал; *ак жувшал динәр ашыгым.*

ЖУГӘРМӘК *жерг.* көзү ачык; *әкәмдин баласы жүгәрмәк өлдү.*

ЖУГУЗМАЙ *жерг. к.* маңгыртоп

ЖУГУШ *жерг.* үлгү, өрнөк; *келиндин жәнигә кирип отургула, жугуш болсун.*

ЖУДА *өзг.* жөнү жок, пайдасы жок жаман; *ал абдан жуда экен.*

ЖУДАЙЫН *тал.* ылайым; *атам-энем аман болсун жудайын.*

ЖУДУН *жерг.* жаан тынбай жаап, же кар калың, көп түшүп, отун – суу жетишпей, же эгинди жууп кеткен учур; *о..о, быйыл жудун болду.*

ЖУДУРУК *ыск.* камчынын бир түрү; *жудурук менен узунунан салды.*

ЖУЖУ *ыск.* Текес тарапта колдонулуп келген арак.

ЖУЗМАЙ *суз.* жувазга тартылган пахта чигитинин майы; *жузмай абдан татык болот.*

ЖУЙКУ *атб.* жойпу; *жуйкунун сөзүнөн түңүл.*

ЖУЙКУЛАН *атб.* жойпулан; *адам, жуйкуланып жатат.*

ЖУЙРАТ *чатк.* жуура; *жуйраттан куйуп кел.*

ЖУЙРУ *чатк., алб., кар., жжол.* жууру; *жаман катын белгиси – тулгадай камыр жуйруган, ичинен кылын суйруган.*

ЖУКА: колу жука *батк., лейл.* жармач, жону жука адам.

ЖУКАК: колу жукак *жерг.* жарды.

ЖУКМА *карс.* жугуштуу; *мәрәз – жукма оwру.*

ЖУКУР *ыск.* кыска, тоголок, жумуру нерсе; *жукур камчысын жоготуп жиберди.*

ЖУКСУЗ *ал.* 1. эки жүздүү; *жуксуз адам экенсиң*; 2. балит, кир жүргөн адам; *баласы жуксуз болуп өстү.*

ЖУКТУ *пам.* уруунун аты; *"кул менен жеген буламык кустурбай койбойт"* (мак.) *деп, жуктудан бирөw турду.*

ЖУЛАГАЧ *батк.* бир нерсени бат – бат жулуп алган киши; *азаматым эң жулагач адам болуптур.*

ЖУЛАМА *тал.* жулуп, айрып – бөлүп алынган нерсе; *жулама болвой конуп өт;* **алама-жулама** дал – далынан кеткен нерсе; *боз шинели алама-жулама.*

ЖУЛГААК *жерг.* жуланаак; *жулгаак да эви менен болот.*

ЖУЛГУЛУК *ыск., чүй.* жулуучулук; *жакшы чөптү жулгулук кылба.*

ЖУЛДАР *кочк.* бир нерсенин талкаланып, сыйрылып, кыйрап бүткөндөгү калдыгы; *түлкү тебетейдин жулдары.*

ЖУЛКУНБАЙ *зам.* жайылган камырдын үстүнө майда эт, жумуртка кошуп, майдан куюп жасаган тамак.

ЖУЛКУНТАЙ *зам.* үстүнө жумуртка, эт кошулуп, май куюлган камыр тамак; *галдай, челпек, каттама, жулкунтай, камыр палоw жасалат.*

ЖУЛКУРС *зам.* килемдин бир түрү.

ЖУЛМА *ал.* койду туюк союп, үйлөп желдетип, анан териге ысык суу куюп, жүнүн жыдытып алуу; *койду жулма кылып сойгула.*

ЖУЛМАКЕЙ *ыск.* бир нерсени жула берүүчүлүк; *анын жулмакей-тытмакейи жаман да.*

ЖУЛМАЛАКЕЙ *ыск.* кайра – кайра жулмалап жибергендик; *жулмалакей кылган экенсиңер ээ?!*

ЖУЛУК I *тал.* тамеки жалбырактарын үзүп жыйноо; *сен бүгүн жулукка чыгасыңбы?*

ЖУЛУК II *пам.* 1. чарыктын жогор жак бөлүгү; 2. *пам., өзг.* чокой,

маасы жамай турган жука тери; *жулукту живит, маасы жамап алайын*; **жулук пайла** *өзг.* ордо ойнунда чүкө атып жаткан адамдын туура же туура эмес атып жатканын тескеп кароо.

ЖУЛУКТА *тыньш.* аңды; *аларды жулуктап жүрүшүвүз керек.*

ЖУЛУКЧУ *жерг.* 1. өтүк ултарган, жүгөн өргөн, мөкү жасаган кесиби бар адам; 2. *пам.* чарык ийлеген киши; 3. *өтм.* терилерди тытып адат кылган кайышчы ит.

ЖУЛУНЧААК *ыск.* жулуна берме адаты бар жандык; *кулун – кулун кулунчак, желесинен жулунчаак.*

ЖУМ: жум кыл *жжол.* бириктир, данакерле; *маңа шуну жума кыла койчу, кагылайын.*

ЖУМА *чүй, терг.* чычкан; *жума койдум журтуңа, тайганынттым бутуңа, ана – мына дегиче, кирип кетти астыңа* (таб. чычкан).

ЖУМАА *батк.* жума күн; *жумаа күн бир ишкәс болот деген* (илгерки ишеним боюнча бул күнү ууга, жолго, көчкө чыгышкан эмес, жаңы кийим бычышпаган, анткени бир кырсык болот деп ойлошкон).

ЖУМАК *чүй.* 1. табышмак; 2. *терг.* ичеги карын; *атам айткан жумак, айланып жаткан жумак, токой толгон жумак, толгонуп жаткан жумак* (сал. каз. жумбак).

ЖУМАЛА I *лейл.* 1. томолот, тоголот, тегерет; 2. томолон, тоголон, тегерен; *ондо барва, жумалап өлөсүң.*

ЖУМАЛА II *чүй.* 1. бир бөлүк, бир топ; *жумаласында да баштан – айак болсун*; 2. *ичк.* тоголок; *жумала жәйдәри пахта экчү эде.*

ЖУМАЛАЙЫ *баткч.* жалпы, бүт; *жумалайы журт ол баланы сыйлайт.*

ЖУМАЛАК *ош.* 1. жумакей; *ачалакка жумалак*; 2. *өтм.* эркектин жыныс мүчөсү; 3. *зам., ал., жерг.* томолок, тоголок; *жумалак кылып салат*; 4. *жжол.* малдын тоңгон, катып калган заңы; *уйдун жумалагындай таш.*

ЖУМАЛАКТА *лейл.* томолокто; *ону жумалактап бургап жүтөр.*

ЖУМАЛАТ *батк.* томолот; *жумалатса жаны жок, мустаса даны жок* (таб. камыр).

ЖУМАЛЫК *жерг.* 1. жума күнү (өлгөн адамга арнап) куран окутуп, элге тамак берип, бата кылуу жөрөлгөсү; 2. *ал.* жетилик; *жумалыгында эл келет.*

ЖУМБАК *лейл.* табышмак; *сексен сегиз болоду атка жеңил бөктөрсөңүз, ол жумбакты тавуw таза асант, жеңдирип акылыңа ойлонсоңуз* (таб. уваса).

ЖУМГАК *тал.* элес, көрүнүш, караан; *жаткан төөнүн жумгагындай корум таштар.*

ЖУМГАКТАШ *түшт.* оролош, томолоктош; *экөө жумгакташып куланып төмөн түштү.*

ЖУМГУЧ *жерг.* жуумп кала турган нерсе; *атаңдын алвырыдан салвыры, энеңдин ачкычыдан жумгучу* (таб. бычактын кыны, кайчы).

ЖУМДА *ал.* эп келиштирүү, жымдоо; *эптеп эле жумдап койду.*

ЖУМДАШ *батк.* томолоктошуп жуурулушуп калуу; *зыгыр жәнчилип, талкан болуп, жумдашып гүнжәрәгә әйләнәт.*

ЖУМЕКЕЙ тал. жумакей.

ЖУМКЕЙ: ачыкей – жумкей *чүй.* ачакей – жумакей, өкчөмөк ойну.

ЖУМУ *батк.* тоголок, жумуру келген кашык, чайнек ж.б. буюм; *эже, жуму чайнегиңди бериң.*

ЖУМУК *пам.* 1. бүтүк; 2. *өтм.* караңгы; *көзү жумурткадай жумук.*

ЖУМУКЕЙ *чүй.* жумакей (сал.ачакей – жумакей).

ЖУМУЛАЙ *лейл.* жумурай;

жумулай журттун катарында (түндүк говорлордо "жумурай", Баткен, Жерге – Талда "үргүлжү" деп айтылат.

ЖУМУҢКУ *ыск.* жумулуңку; *көзү жумуңку каапыр бирдемени байкаар бекен?*

ЖУМУРА: мамыра–жумура *ал.* бейпил; *эл мамыра–жумура жашап жатат.*

ЖУМУРАН *чүй. терг.* чычкан.

ЖУМУРАҢ: жумураң казык *зам.* суурдун бир түрү.

ЖУМУРТКА: жумуртка чапмай *нар.* оюндун аты; *жумуртка чапмайды күндүз ойнойт.*

ЖУМУРЛАН *суз.* томолоктошуу; *атлас көйнөгү жумурланат.*

ЖУМУРЧАК *чүй.* өсүмдүктүн аты; *ай, жумурчакты табаар бекем.*

ЖУМУШ: кол жумуш *ыск.* кара иш; *кол жумушу деле жан тындырбайт* (сал. каз. диал. кол жумыс).

ЖУМУШКЕР *жжол.* жумушчу; *э, бу биздин жумушкер.*

ЖУНӘРМӘР *жерг.* шок; *жунәрмәр кыздын тойуда, жеңе.*

ЖУНТУККАНСЫ *тяньш.* жутуккансы; *көйлөп берсем жунтуккансыйт.*

ЖУНУШИРИН *жерг.* баланы эркелеткенде колдонулуучу сырдык сөз; *жунуширим, отун алып келчи!*

ЖУПАЙ: ак жупай *ичк.* чоң жоолуктун бир түрү (илгери Памир тарапта, товар жетише элек учурда, жергиликтүү кыргыздар аркар – кулжанын терисин аябай жука ийлеп, жоолук жасап, кыз бергенде аны белек катары беришкен. Мурун ошол жоолук "жупай, ак жупай" деп аталган).

ЖУПАЛАК *ал.* жерге жабышып өскөн нерсе (козу карын, беде ж.б.); *козу карын жупалак өсөт* (сал. жапалак).

ЖУПАР *ичк. терг.* кымыз; *узун–узун упарым, ичиде бар жупарым.*

ЖУПКА *тал.* 1. тамекинин папирос жосоого ылайыктап кесип койгондогусу; *тамекини жупка–жупка кылып койду*; 2. *түнд.* жука, калдырак кылып чала бышырылган камырдан жасалган тамак (түштүк говорлордо "чаваты" деп аталат); **кургак жупка** *өзг.* майга салбай туруп адегенде тогуз кабатты жеке – жеке катырып алып, анан сорпого же сүткө салып желүүчү жупка; *күрүч жок кургак жупка кылып бердим*; **курук жупка** *ноок.* май сүйкөлбөй эле жасалган жупка; **майлама жупка** *ноок.* каттап – каттап май сүйкөлүп жасалган жупка; *майлама жупка жасайт эле;* **оромо жупка** каймак сыйпап жасалган жупка; *каймак жупка менен чай ичет*; **созмо жупка** калыңыраак жасалган жупка.

ЖУПТАМА *батк.* жуптап – жуптап бышырылган жупка; *жуптамадан кәсәгә салып чаваты кылып берди.*

ЖУПУТАК *батк.* балдардын ойнунун бир түрү (жуп – ва – так?); *жупутак ойнуда сөөктү колуга бекитип ойнойт.*

ЖУР: жугу жур *баткч.* жук, калдык; *ундун жугу–журун шыпырып кой.*

ЖУРА *пам.* жоро, жолдош; *жура, сен бу ишти чатак кылдың, кеттик жура.*

ЖУРАП *лейл.* өсүмдүктүн аты; *журап, катраң, шывак бар.*

ЖУРТ *өзг.* 1. жыйналыш, чогулуш; *журт кылды*; 2. *түнд.* эл, калк; *ий, кокуй, журт эмне дейт, бет калдыбы эми!;* 3. үйдүн, айылдын көчүп кеткенден кийинки орду; *журтта эчтеке жок*; **коргондуw журт** *ичк.* негизги уруулардын өкүлдөрүнөн турган топ, айыл; **күлән журт** калайык, көпчүлүк эл; *күлән журтка*

мактайын; **улуу журт** *ыск.* аш – тойдо чогулган көп эл; *улуу журттун кеви бар.*

ЖУРТКАНА *зам.* жакшы көргөн журт; *күзгү конгон сары журт, журтканаңдан Сүwсарым.*

ЖУРТКӘРЧИЛИК *ал.* кыздын атасы күйөө тараптан элге чачып берүү үчүн кошумча ала турган салык (пул, мал ж.б.); *менин журткәрчилигим бервейсиңби дейт.*

ЖУРТТУW: журттуw адам *зам.* кош бойлуу аял.

ЖУРТТУК *чүй.* илгери ар бир түтүнгө бирдей салынган чыгым; *түтүнгө бир сомдон журттук салды.*

ЖУРТЧУ: кәл журтчу *лейл.* таз жору; *кәл журтчу деген бар.*

ЖУРУКТАШ *ыск.* тукумдаш; *журукташ, тилдеш кайран эл.*

ЖУРСАК *лейл., пам.* 1. койдун эки жашар ургаачысы; 2. *жерг.* чебич, токту; *жусак калды кысыр калды*; 3. *тяньш.* бир жыл болгон тоо эчки.

ЖУСЕЙ *жерг.* өсүмдүктүн аты (дунган эли өстүрөт); *жусей – бесей дегендери эле бир укмуш.*

ЖУТ I *лейл.* утуу; *ашыкты ким жутуп алса, ол ала берет.*

ЖУТ II: Ороз мерген жуту *пам.* бир жылдары жай айында кар жаап Ороз аттуу мерген жутта калып, мал кырылган учуру; *Ороз мерген жуту болголу болду.*

ЖУТА *кочк.* 1. май, пияз аралаштырып жасалган токоч; *тез, жута жасап жиберчи, жеп алалы*; 2. *чүй.* дунган эли жасай турган мантуунун бир түрү; *жутанын камыры жука жайылып, каймак же сары май сыйпалат* (буга майда тууралган сабиз, ашкабак, пияз, сызык, эт салынат).

ЖУТААНАК *ыск.* жутунуп турма, жутуп ийме адаты бар мал – жан; *жутаанак түгөт эмне болор экен.*

ЖУТАМЧЫЛЫК *тяньш.* жутчулук; *калың кар түшүп, жутамчылык болду.*

ЖУТАҢКЫ *ыск.* 1. ачкорок, ач көз; *жүдөп жүргөн эле бир жутаңкы экен*; 2. *пам.* уруунун аты; *жутаңкылап "копту" уйаттап, мазактап жүрүп калтырдылар.*

ЖУТКААК *жерг.* жутаанак; *жуткаак жерге барва, жутуп алат.*

ЖУТКУЛУК *ыск., чүй.* жутуучулук; *ал бозону жуткулук кылбасын.*

ЖУТКУНЧАК *баткч.* алкым.

ЖУТКУНЧААК *батк.* соргок; *жуткунчаак кашка чымын учса, конок келет деп сүйүнүп жүрөт.*

ЖУТКУР *тяньш.* кундузга салынуучу капкан (бул капкан суу түбүнө салуу үчүн ыңгайланып жасалат).

ЖУТКУЧУЛ *ыск.* жутуп, соруп жок кылып жиберүүчү адаты бар адам; *жуткучулдун бири – тиги тиши кетик.*

ЖУТМА *батк.* 1. сормо, тартма саз; *жутмадан бир сыйыр өлгөн*; 2. *ыск.* жүн боегондо боёктун жакшы сиңип кетиши; 3. *ыск.* кичинекей жутуп жиберме кайырмак; *балыкка жутма салып отурам* (сал. каз. диал. жутпа "кайырмак").

ЖУТМАКЕЙ *ыск.* бир нерсени алып жутуп жок кылуучулук; *жутмакейи кыйын да!*

ЖУТУР *батк.* жуткур; *келе маңа мен жутуруп койойун.*

ЖУУГУЧ *жерг.* 1. жуула турган кир – гок; *жуугучтарды жүwүп алайын деп колум тийбей жатат;* 2. *лейл.* өлүктү жууган адамга берилүүчү акы; **казан жуугуч** *зам., суз.* кыл жуугучтун бир түрү; *керегеде муштай гөш* (таб. казан жуугуч); **кир жуугуч** *суз.* илеген; **кыл жуугуч** *түнд.* 1. казан – аяк тазалоо үчүн кылдан жасалган жуугуч; 2. *ар., суз.* өсүмдүктүн аты (бул өсүмдүктүн

башынан жуугуч жасалат, ал өзү чачырап, мочалка байлап өсөт); *кыл жуугучтан үзүп келип, казан жуу.*

ЖУУК *батк.* жакын, жылуу (көзгө карата); *көзгө жуук көрүнөт*; **караңгы жуук** *батк.* кечке жуук; *караңгы жуук – куптан пәйит*

ЖУУКА *ыск.* тар капчыгай.

ЖУУКСУЗ *ноок.* жуунбаган кир адам; *жууксуздар жоголду.*

ЖУУКУР *ош.* 1. томаяк, жалчыбагыр; *өнчү жерди билесиң да жуукур*; 2. *пам.* эки жүздүү; *жуукур болво ак сана.*

ЖУУМАЛ *өзг.* 1. тузу жок жасалган күрүч аш; *жуумалды оору адамдар ичишет*; 2. *чүй.* сууга салынып, каны качырылган ак жем (бул бүркүткө берилет).

ЖУУНГУЛУК *ыск., чүй.* жуунучулук; *ошо кир самынга экинчи жуунгулук кылбасын.*

ЖУУРА *кочк.* мемире; *таң алдында – тоо–талаа жуурап жатат.*

ЖУУРАТКАН *түшт.* жуурат; *жууратканичип ал.*

ЖУУРКАН: сайма жууркан *нар.* тышы саймаланып кооздолуп жасалган жууркан; *каргышыңа калвайлы, сайма жууркан жасатпайлы, өз көөнүңө койолу дедик;* **эт жууркан** *ал., тыньш.* шейшеп кадалган жууркан (сал. эт төшөк); *эт жууркандышейшептеп кой.*

ЖУУРТКАН *пам.* жууркан; *жууртканкаптап койдум.*

ЖУУТ: кой жуут *жжол.* кой күпкө.

ЖУВА *ккырг.* сарымсак.

ЖУВӨК *тал., өзг.* тамеки аралыгындагы майда арык; *тамекинин жувөктөрү кыска тартылыптыр.*

ЖУВӨР *түшт. к.* жүгөрү; *койго жувөрдүм.*

ЖҮГӘРМӘ *ноок. к.* жүгәрмәк; *ыргытса ыраак таш кетет, жүгәрмә жүдә жаш кетет.*

ЖҮГӘРМӘК *жерг.* жубарымек; *жүгәрмәк тил әвәйсиң.*

ЖҮГЕН *чүй.* жүгөн; *жүгенди шалдырттатып кайда жөнөдү.*

ЖҮГНӘМӘРК *ичк.* жаныңчыккыр, жайрап калгыр; *жүгнәмәрк, бүгүн не окуwга барбадың?*

ЖҮГНӘМДӘР *ичк. к.* жүгнәмәрк; *үйкусу катык жүгнәмдәр.*

ЖҮГӨН: беш того жүгөн *пам.* ооздуктун эки жагынан кош того коюлуп, эки жагына тең кош кайыш чылбыр тагылган жүгөн; **жабдык жүгөн** жолборс, илбирс ж.б. сүрөттөрү түшүрүлүп, ар кыл орнаменттер чөгөрүлүп, күмүштөлгөн кооз жүгөн; **жалпак жүгөн** *ыск.* жаак – тумшугу, көкүл бастыргычы жалпак келген жүгөн; **кайма жүгөн** *өзг.* жаак – тумшугуна майда – майда тегерек того чөгөрүлүп, кайышы эки ийнелеп тигилген жүгөн; **кайык жүгөн** *пам.* кайып туруп тигилген жүгөн; **кайыш жүгөн** *ыск., жжол.* жөн гана кайыштан эч кооздолбой эле жөнөкөй жасалган жүгөн; **күрсө жүгөн** *түшт.* "күрсө" аттуу кооздук чөгөрүлгөн жүгөн; *ондон күрсө жүгөн алып келдиви?*; **орус жүгөн** *пам.* фабрикадагы жасалган ноктосуз жүгөн; **нокону жүгөн** *өзг.* он алты өрүмдөн жасалган жүгөн; **тикме жүгөн** ичине кайыш салып тигилген жүгөн; **жүгөнү бар эл** *алб.* урук – тукумдуу, теги бар эл.

ЖҮГӨНЧҮ *жерг.* өрүүчүлүк кесиби бар адам.

ЖҮГӨР *ичк.* жибер; **бургап жүгөр** айландырып – айландырып ыргытып жибер.

ЖҮГӨРМӨК *өзг.* жубарымек; *жүгөрмөк көргөн.*

ЖҮГӨРҮ *түшт.* дан өсүмдүгүнүн аты (сабагы, даны. Бул өсүмдүк

түндүк райондордо өспөйт. Түндүк райондордо "жүгөрү" деп аталган өсүмдүк "мәкә" деп айтылат. Жүгөрүнүн даны башында болот да, топ болуп чыгат; даны буудайдыкындай кичирээк келет, тоголок болот); **ач жүгөрү** *карс.* жүгөрүнүн бир түрү; *ач жүгөрүдөн көчө жасайт*; **орус жүгөрү** мекенин бир сорту; **көчө жүгөрү** шыпыргыч; **ак жүгөрү** жүгөрү өсүмдүгүнүн бир түрү (бул жүгөрү башынан топ дан байлайт, данынын өңү ак болот, сөңгөгү 2 – 3 метрден аша бийиктикте өсөт); *Абдыкалык – мойну салык (таб. ак жүгөрү)*; **кызыл жүгөрү** жүгөрүнүн бир түрү (бул жүгөрү да башынан дан байлайт, даны майда, өңү кызыл же бозомук кызыл болот. Боюнун бийиктиги 1 – 1,5 метрден ашпайт); **чай жүгөрү** *ноок.* айым шыпыргы өсүмдүгүнүн бир түрү; *чай жүгөрүнү сээп, өскөндө, пышканда шыпыргы кылат.*

ЖҮГҮН: келин жүгүн *тал., суз.* жаачы; *келин жүгүн көп.*

ЖҮГҮРГҮЧТӨ *жерг. к.* жүгүрүктө; *"жакшы айал – үйдүн гүлү" деп жүгүргүчтөдү.*

ЖҮГҮРТ: жүгүртө бас *атб.* жүүртө бас; *сыңар тизелебейт, жүгүртө басып отурат, малдаш токунуп да отурат.*

ЖҮГҮРТМӨ *ал.* 1. кымызды дем албай, төкпөй, түбүнө бир ууртам да калтырбай ичүү жөрөлгөсү; 2. ыр чыны, ыр аяк; 3. *ыск.* шырдактын, туш кийиздин четине же ортосуна жүргүзүлүүчү ак кызыл оюу, сайма; 4. *өзг.* аркандалып отко коюлган аттын жибине экинчи бир атты чылбыр менен байлап коюу жөрөлгөсү; 5. *түнд.* куш, бүркүттүн бутуна байланган тартма; 6. ит байланганда ары – бери жүгүрүп туруу үчүн тартылган узун зым; *итти жүгүртмөгө байлап койчу*; 7. таар соккондо үч – төрт казык кагып, анан жип жүгүртүп, эки кабаттап алынган жип.

ЖҮГҮРТМӨЙ *пам.* 1. кыркалакей отуруп алып, бир идиш менен тынбай жүгүртүп кымыз ичүү жөрөлгөсү; *бизде жүгүртмөй деген болот*; 2. ыр чыны; *жүгүртмөйгө отурдулар.*

ЖҮГҮРҮW *лейл.* эриштин "гөлдөлөңгө" өткөрүлгөн негизи; *жипти жүгүрүw кылганнан кийин күзүктөйт.*

ЖҮГҮРҮК *пам.* күлүк; *бут жүгүрүгү – ашка, тил жүгүрүгү – башка* (мак.); **теке жүгүрүк** *ал.* кеч күздө жүгүргөн учур; *теке жүгүрүк баштады, кар түшө баштайт.*

ЖҮГҮРҮКТӨ *жерг.* убара болуп жүгүрүү; *келсе жүгүрүктөйт.*

ЖҮГҮРҮКЧҮ *суз.* күлүк; *өзү да жүгүрүкчү ат.*

ЖҮГҮРҮШ *зам.* эриштин көлдөлөңгө өткөрүү; *Бүбүшайды айтып кел, гилемди жүгүрүшсүн.*

ЖҮГҮРЧӨӨК *ал.* жүдөөк; *жүгүрчөөк мал токтовойт.*

ЖҮДӘ *лейл.* эң, абдан; *жүдә йәм.*

ЖҮДӘӘ *батк.* ажыратуу, таркап кетүү; *жаңгак чакканда жүдәә, от жакканда дос* (мак.).

ЖҮДӨН *тоң.* жүдө; *үч күн жүрүп айавай жүдөнүп калды.*

ЖҮЖҮ: ажы–жүжү *ыск.* майда – чүйдө ушак – айын; сөз; *ажы–жүжү деп жүрүп өмүрүң өтүп жатат.*

ЖҮЖҮН *жжол.* 1. алк, аппетит; 2. *өтм.* кекиртек, өңгөч; *кундуз жүжүнүн созуп жемди алайын деди.*

ЖҮЖҮР *батк.* камыр сүзгүч; *жүжүрү бар, алып келиң.*

ЖҮЗ I *ичк.* 1. илгерки уруулар тобу; *журт үстүнө кыдырып жүздү көрдүм халдарым;* 2. кокон бийлигинин мезгилинде сыпайылардын жүз – жүздөн топко бөлүнүшү; *мурдагы сыпайылардан*

куралган жүздөр; **кырк жүз** *зам.* илгерки убакта Самаркант тарапта жашаган өзбек уруулары; *түмөн жүз* Заамин районунун тегерегинде жашаган өзбек элинин илгерки топ аты; *өзбектерди чакырса ону түмөн жүз дешет;* **бири кәм жүз** ◊ *батк.* дүмбүл, маңыроо (кейиген учурда айтылат).

ЖҮЗ II: жүз аарчы *ыск.* дасоромол; *жүз аарчынын белек кылып берет;* **жүз көрүштүрүү** *түнд.* кыз менен күйөөнү адеп көрүштүрүү жөрөлгөсү (бул үчүн кыздын жеңеси жеңкетай алган); **мөмө жүз** *кочк.* татынакай өң; *баланын мөмө жүзү күлүңдөп, бакырақ көзүндө кубаныч.*

ЖҮЗ III *пам., жерг.* 1. сүз; *көлдө жүзгөн өрдөктөй бойунуңан жәйдәрим*; 2. *пам.* карды жирөө; *ча, серке, эркеч башта! – десек, ол жаныбар карды жүзүп кете берет;* **жүзүмдү кылвайт** ◊ *ноок.* кадыр көңүлүндү сыйлавайт.

ЖҮЗӘ *өзг.* картадагы бети калды ойну; *бизде жүзә дейт, бети калды дейт;* **ислими жүзә** *жерг.* сайманын бир түрү.

ЖҮЗГҮН *пам.* көгүш түстүү, ийнелүү келген өсүмдүк.

ЖҮЗДӨМ *түшт.* көмкөрө; *жүздөмүнөн жатып алды.*

ЖҮЗДӨМӨ *жерг.* өңдү көрүп жүз тайган адам; *о жүздөмө келип калат эде, имне болду экен?;* **эки жүздөмө** *жжол.* эки жүздүү; *эки жүздөмө бирөөгө кара санайт.*

ЖҮЗДӨМӨНДӨ *жжол.* бет маңдайынан жыгылуу; *жүздөмөндөп жыгыл.*

ЖҮЗДҮК *ичк., зам.* 1. шакек; *кыздарга жүздүк сал* ("жүздүктүн" бетинде көзчө болот да аялдар салынат, ал эми "шакектин" көзчөсү жок болот, аны аялдар да эркектер да салынат. Памирде жүздүктүн: өрмө жүздүк (сагагы өрүм өндөнүп жасалган түрү); көз койгон жүздүк (таманына "көз" коюлган жүздүк); жөн жүздүк (кооздолбой жөнөкөй жасалган жүздүк) деген түрлөрү болот. Жүздүккө "сай кеште, ит куйрук, жылдызча, кой көз деген орнаменттер салынат); 2. *суз.* моюнга тагылып, төштүн кемирчек тушуна келген тегерек кооздук; *сары алтын жүздүк мойнунда*; 3. *терг.* тырмак; *беш колумда беш жүздүк* (таб. тырмак); **жүздүк салгыч** *зам.* "жүздүк салмай" ойнунда бирөөнүн колуна шакек сала турган киши; **жүздүк салмай** *зам.* шакек катмай ойну; *жүздүк салмай – жаштар ойну*; **жүздүк салуw** *жерг.* сырга тойдо кудалашкан кыздын колуна (сөз бүткүндөн кийин) шакек салуу жөрөлгөсү; *сырга тойдо колуга жүздүк да салавыз*; **шәкәк–жүздүк** *жерг.* үйлөнүү тоюнун алдында жигиттин энеси тарабынын туугандарынан, айылдаштарынан шакек, жүздүк, була, күзгү, ийне – жип ж.б. майда – барат буюмдарды чогултуп, кызга алып баруу жөрөлгөсү; *шәкәк–жүздүк сура* (бул жөрөлгө Жерге – Талдык тажиктерге жакын айылдарынан жолугат).

ЖҮЗКҮН *батк.* жулун; *менин үwлум ончо жүзкүнө бервейт.*

ЖҮЗМӨ: жүзмө–жүз *түшт.* бетме – бет; *өзү менен жүзмө–жүз көрүш.*

ЖҮЗӨК *суз.* к. жусак

ЖҮЗТӘ *суз.* жүз дааны; *кайтарганым, күткөнүм эки жүзтә.*

ЖҮЗҮ *ккырг.* өлгөн адамды эскерип үч ай өткөндөн кийин ага арнап элге тамак берүү жөрөлгөсү.

ЖҮЗҮМ: ак жүзүм *түшт.* орточо ширидиктеги өнү ак жүзүм; **ак кишмиш жүзүм** уругу жок, өнү ак мейиз жүзүм; **ак мускат жүзүм** вино жасай турган өнү ак мускат жүзүм;

ак чәрәзкәр жүзүм аппак, чоң, тоголок жүзүм; **анжийән кара жүзүм** өңү кара тоголок жүзүм (сыягы, Анжиян тараптан тараган болсо керек); **байан жүзүм** жүзүмдүн өңү көгүш бир сорту; **жер жүзүм** 1. жүзүмдүн даны сымал даны бар жапайы жүзүм (өсүмдүк); 2. жерден өйдө карай түз жыгачка артылып өстүрүлгөн жүзүм; **кара кишмиш жүзүм** уругу жок кичине кара кишмиш жүзүм; **кара томолок жүзүм** мөмөсү чоң, өңү кара томолок жүзүм; **кишмиш жүзүм** уругу жок, мейиз жасалуучу жүзүм; **коргол жүзүм** майда, корголдой тоголок кара жүзүм; **кәттә коргон жүзүм** абдан чоң, мөмөсү салмактуу, бир сабагы 5,6 кг. түшүм бере ала турган жүзүм; **курванбашы жүзүм** *лейл.* өңү агыш кызыл келген жүзүмдүн сорту; *курванбашы жүзүм ак жүзүм, хасек өрүк бар;* **кызыл дәрәги жүзүм** өңү кызыл, даамы ширин, дандуу жүзүм; **кара мускат жүзүм** өңү кара, вино жасалуучу жүзүм; **нирән, нимараң жүзүм** мөмөсү көпкө сактала турган, тоголок, ак жүзүм; **өгүз көз жүзүм** тоголок, чоң, барсайган жүзүм; **үсөлү, өсүнү жүзүм** жүзүмдүн сүйрү түрү; **аңгур жүзүм** *түшт.* өңү кызгылт тоголок жүзүм; *аңгур жүзүм даамына кире элек экен*; **бактырайы жүзүм** *суз.* бийик, талы жоон, мөмөсү сүйрү, өңү ачык жашыл, кабыгы жука, сулпу ширелүү жана эттүү жүзүм; *бактырайы жүзүмдү да жээрсиң*; **бийи жүзүм** *жерг.* жүзүмдүн бир сорту; *чарвак толо бийи жүзүм*; **дарайы жүзүм** *суз.* жүзүмдүн бир түрү (мөмөсү чоң, тоголок, даамдуу келет); **жапайы жүзүм** *суз.* талаада жапайы өскөн жүзүм; **зәңгәри жүзүм** *ноок.* жүзүмдүн бир түрү (өңү ак, даамдуу, эттүү, жылмакей жүзүм); **ит жүзүм** *суз., батк.* өсүмдүктүн бир түрү (жүзүм сыяктуу уругу болот, чымчык жейт, өтө бийик өспөйт, уругу кызгылт түстө болот); *ит жүзүмдү кармап колун бойоп алыптыр*; **нәмәнгән жүзүм** *ноок.* мөмөсү чоң – чоң эттүү, жылмакей, таттуу жүзүмдүн түрү; **орус жүзүм** *батк.* көп бийик өспөгөн, түшүмдү мол берүүчү, анчалык таттуу эмес жүзүм; *колхоздун орус жүзүмү жүдә бопту ээ;* **өгүз көз жүзүм** *түшт.* жүзүмдүн бир түрү (барсагай, чоң, тоголок келет); **печек жүзүм** *суз.* жүзүмдүн бир түрү; **тәгәви жүзүм** жүзүмдүн бир түрү; **хусәйни жүзүм** агыш түстө сүйрү келген даамдуу жүзүмдүн сорту; *хусәйни жүзүм жегенче кетиң*; **чилги жүзүм** майда дандуу жүзүм (анын: кара чилги, кызыл чилги деген түрлөрү болот); **чүрвөкү жүзүм** өңү ак, бадыракай жүзүмдүн сорту; **чилдик жүзүм** жүзүмдүн бир түрү; **шакалаң жүзүм** ширелүү, бал даамдуу жүзүм; **шәкәр әңгүр** өтө таттуу кара жүзүм; **шывырган, шывырганы жүзүм** кара, майдараак жүзүмдүн бир түрү; **шалган жүзүм** уругу жок, өңү кара жүзүм.

ЖҮЗҮМЗАР *жжол.* жүзүмдүү; *жүзүмзардын арасынан көргөндүр.*

ЖҮЗҮМТАК *түшт.* жүзүмдүн сабактарын өйдө тик көтөрүп туруу үчүн жасалган, чарчыланып, узун – туурасынан атайын чырмалып, байланып коюлган жыгач тирөөчтөр.

ЖҮЗҮТ *жерг.* соргуч, жуткуч; *жүзүт болуп кеткенби?*

ЖҮЗЧҮЛҮК *өзг.* гектар; *түшкө дейре эки жүзчүлүк мәкә сугарды.*

ЖҮЙӨW *пам.* жөө; *мурду муртаз, карды картаз, атка минбес, жүйөw жүрбөс* (таб. чөөгүн).

ЖҮЙӨWҮ *лейл., өзг. к.* жүйөw; *аттуwга жүйөwү жете албайт.*

ЖҮЙӨӨ *кочк.* эп, туура; *чалдын кебин жүйөө көрдүк.*

ЖҮЙӨӨЛӨШ *ыск., жумг.* жүйөөгө жыгуу; *бирин – бири жүйөөлөшөт.*

ЖҮЙРҮК *зам.* жүгүрүк, күлүк; *кара көк аттын жүйрүгү.*

ЖҮЙҮР: жүйүр баш *ичк.* 1. элди бириктирип, баш коштуруп башкарган киши; *ол жүйүр баш киши болгон*; 2. *этн. менин чоң атам жүйүрбаш.*

ЖҮК I *түнд.* 1. оромпай ойнунда кийим жыйылган тегерек орун; 2. жашынмак ойнунун башталган жери; 3. *батк.* зыгыр, жаңгак, данек, апийимдин уругу сыяктуу май чыгаруучу заттар; *жүк тапкыча кары койдун кәлләси шыллынат*; **жүк алды** *жерг.* 1. саймаланып жасалган тор чачы (көбүнчө жүк жыюучу нерсенин этегине тартылган материалга тигилет); *"жакшы жашоw – бейиш, жаман жашоw – кейиш" деген мәтәл әйтти жүк алдыны тигип жатып*; 2. жүктүн алдына коюлуучу жыгач текче; **жүк жыйар** *түнд.* кыздын төркүнүнөн келген жууркан – төшөктү биринчи болуп (тыйын берип) жыюу жөрөлгөсү (ал үчүн сый алган. Мунун кыз – күйөө никелешкенден кийинки төшөк жыяр жөрөлгөсү менен аралаштырууга болбойт); **жүк жыймай** *жжол.* кыздардын ойнунун бир түрү; *жазга маал алачык жасашып, жүк жыймай ойношот*; **жүк көрүү** *түнд.* кызга арналган жууркан – төшөктөрдү көрүү жөрөлгөсү (бул жөрөлгө боюнча кыздын ата – энесине кандайдыр бир мал берип, анан буюмдун ичинен каалаганын алып кеткен); **жүк салды** секичек; **жүк тарткыч** *өзг.* жүк жыйганда тоголонуп кетпес үчүн үстүнөн тартып коё турган сызма; *жүк тарткычы жакшына жарашып турат.*

ЖҮК II: уваса жүк *өзг. к.* уваса, васа.

ЖҮКТҮW: жүктүw айал *тал.* боюнда бар аял.

ЖҮКҮ *жерг.* төөнүн оор жүк көтөрүп, алыс жолго жүрө алган чыдамкайлуусу; *чыдамкайыны жүкү деп атаган.*

ЖҮЛ I *жерг., пам.* килемдин бир түрү; *эшигини жүл кылат*; **гажары жүл** *зам.* гүлдөп согулган таар сымал килем.

ЖҮЛ II *жерг.* бир канча адамдын биригип бир күү чертиши.

ЖҮЛӘН *суз. к.* жүнән; *пахта жүлән салынып алыптыр.*

ЖҮЛБАРАК *зам.* жүнү узун кыркылган килем; *жүлбарактын жүнү узун болот.*

ЖҮЛГӨ *жжол.* 1. тамдын, коргондун урандысы, нугу; *мук деген дөвө, айланасы эки коргондун жүлгөсү* (мук элинин атына байланышкан эски коргондор, арыктар, дубалдар, жер – суу аттары Жаңы – Жол, Жерге – Талда ж.б. райондордо көп жолугат); 2. *тал.* 1. эски жолдун изи; 2. созулуп, билинер – билинбес болуп ичке чыккан түтүн.

ЖҮЛГӨЛӨН *жжол.* ичкерүү; *бир таман узун жол жүлгөлөнүп.*

ЖҮЛГҮЛ *тал.* өсүмдүктүн аты (муун – муун болуп, көк жашыл тартып, суу боюнда өсө турган чөп).

ЖҮЛГҮР *тал.* кырк муун; *ным жерде жүлгүр өсөт.*

ЖҮЛДҮР *батк.* эскилиги жетип, тамтыгы кеткен кийим; *жүлдүр чапан алыптыр.*

ЖҮЛДҮРӨ *батк.* үлдүрөп ал кетүү; *жүлдүрөп араң жүрөт.*

ЖҮЛЖҮГҮЙ *ыск., чүй.* көзүн жүлжүйтүп жүргөн адам; *жүлжүгүй көз, көзүңдү жүлжүйтпөй отур.*

ЖҮЛЖҮЙМАТ *ыск., чүй. к.* жүлжүгүй; *мамындай – мамындай жүлжүймат.*

ЖҮЛЖҮЙҮҢКҮ *ыск., чүй.* жүлжүйүбүрөөк тарткан нерсе; *көзү жүлжүйүңкү тартып турат.*

ЖҮЛЖҮК *түнд.* көзү жүлжүгүй

адам; *чаңга бөлөп тумчуктурдуң куу жүлжүк.*

ЖҮЛКУРС *зам.* тилке – тилке согулуп, анан бириктирилип, жүнү такырайтылып кесилбеген килемдин бир түрү; *көкбөрүгө килемден, жүлкурстан койот.*

ЖҮЛПӨЧ *лейл.* ат жабуунун бир түрү.

ЖҮЛПӨЧТӨ *лейл.* жабуула; *жүлпөчтөп койойук, чымын конбосун.*

ЖҮЛҮК *түшт.* жүл көпчүк; *атымдын кәттә жүлүгү бар эде.*

ЖҮЛҮКЧҮ *тяньш.* 1. оокатман; 2. бир нерсени алыштырып – уруштуруп оокат кылган адам; *жүлүкчү акенин аймагындагылар кыйналган жок.*

ЖҮН: койон жүн *зам.* өсүмдүктүн аты; **ор жүн** *кочк.* бүркүт балапанынын ак күбү түшкөндөн кийин чыгуучу жүнү; *күвүн, күвүдү, ор жүнү чыкты*; **жүн тытар** *жжол.* битир, зыкым; *жүн тытар неме такымын жеген*; **жүнүмөн жаттым** *жжол.* көндүм, макул болдум; *мен дагы жүнүмөн жаттым.*

ЖҮНӘЙ *батк., жерг.* шалы жоолук; *кайдан тааптыр жүнәй оромолду?*; **бел жүнәй** *жерг.* белге байлана турган жоолук (аялдар курчанат); *бел жүнәй берсе не болот;* **живек жүнәй** жибек жоолук; *живек жүнәйи эскирип калыптыр*; **кемчир жүнәй** жиби бышык жиптен токулган жоолук; *кемчир жүнәй азыр арзывай каган;* **пахта жүнәй** *батк.* кебезден ийрилип согулган жоолук; *мәгәзиндә пахта жүнәй бар экен*; **чын жүнәй** жүн жиптен токулган жоолук; *кызыл гүлдүү чын жүнәй сатып алдым.*

ЖҮНӘЛ *өзг. к.* жүнәй; *башымда жүнәл оромол.*

ЖҮНӘН *пам. к.* жүнәй; *пахта жүнән, чыныгы жүнән болот.*

ЖҮНДӨШ *түнд.* бир типтүү, окшош; *булар жүндөш кишилер.*

ЖҮНЕ *пам.* көбөөгө бастырылган ичке тилке, жүндүү тери.

ЖҮНЖҮ *түшт.* чүнчү, жүдө, жатырка; *куса болуп жүнжүдү.*

ЖҮР: жүр экен *түшт.* жүргөн экен; (өткөн чакта); *бакты аралап үзүп баса жүр экен.*

ЖҮРӘ *жерг.* жоро, жолдош; *жүрә, әшувлә кылып бер.*

ЖҮРГҮЛҮК *ыск., чүй.* жүрүштүк; *ошону менен жүргүлүк кылбасын.*

ЖҮРДӨ *тал.* ээрчит; *бейишти көздөй жүрдөсүн.*

ЖҮРДӨК *чүй.* бир жерде токтобогон мал.

ЖҮРЕК *тал., чүй.* жүрөк; *жүректеги сес.*

ЖҮРКҮН *ал.* топоним; *бул айылды Жүркүн деп айтат* (бул топоним орус тилиндеги Юркин деген аттан калган, анткени бул адам 1930 – жылдары ошол жерде колхоз уюштуруп, жаңы селону негиздеген).

ЖҮРМӨЛ *ичк.* жүрүштүк (ат).

ЖҮРӨГӨЧ *ал.* жүрөнөөк; *Авылдын аты жүрөгөч чыкты.*

ЖҮРӨЙҮН *батк.* айланайын; *саңа жүрөйүн* (балдарды эркелетүүдө айтылат); **күчүнө жүрөйүн**! тегеренип кетейин!

ЖҮРӨК *пам.* белги; 1. ушул формада малга басылган тамга, эн; 2. *өзг.* туш кийиздин капкалдырыгы; *жүрөгү менен дем алат*; 3. *батк.* өпкөсү жок; **ач жүрөк** *пам.* жүрөктүн толтосу; *ак жүрөктү билевисиң?*; **жүрөгү жука** ◊ *жерг.* коркок; *жүрөгү жука, корко берет*; **жоw жүрөк** *лейл.* эр жүрөк; *жоw жүрөк Сәвиттин жолворс сыйак сүрү бар*; **таш жүрөк** *пам.* мээримсиз.

ЖҮРӨКӨЙЛҮ *жжол.* жүрөктүүлүк; *аке ай, сенин жүрөкөйлүгүң!*

ЖҮРӨКСҮ *пам.* корк, айбык; *ол "жакшы кыз – жакадагы кундуз, жакшы жигит – көктөгү жылдыз" деп жүрөксүйт.*

ЖҮРӨМӨЛ *суз. к.* жүрмөл; *жүрөмөл ат менен жүрсө.*

ЖҮРӨРМАН *чүй.* жүргүштүү.

ЖҮРҮТҮЛ *жерг.* жүргүзүл; *өзбек тилиде жүргүтүлөт.*

ЖҮРҮШ: кара баргы жүрүш *ал.* ат менен желип – жортуп катуу жүрүү (Гүлчө менен Өзгөндүн ортолугунда жашаган илгерки "кара баргы" аттуу кыргыз уруусунун атка жүрүшүнөн улам айтылып калган сөз); **кылыч тамга жүрүш** *өзг.* атка минсе эле желип жүргөндүк (Өзгөн тарапка илгери "кылыч тамга" аттуу уруу өкүлдөрү атка минсе эле желдирип жүрүүчү имиш); **кытай жүрүш** *чүй.* бөйпөндөп, ийилип, майдалап бат – бат басуу; *кытай жүрүш менен бөйпөндөй кетти.*

ЖҮС *чүй.* чыпалак (сөз ойну. к. балта, араа, теше, мис).

ЖҮСМӨ *чүй.* төңөлүк, тогоо.

ЖҮСТӨМӨН *тал.* жүзтөмөн; *ал бала жүстөмөнүнөн жыгылды.*

ЖҮСТӨМӨНДӨ *жжол.* бет маңдай менен жыгылуу; *бугу жүстөмөндөп барып кулаптыр.*

ЖҮСТҮК *чүй.* төңөлүк.

ЖҮТӨ ачкалык; *жүтөнү билвей сыртта өскөн.*

– К –

КА I *ош., жжол., кочк.* 1. мейли; *ка алсын ка алвасын*; 2. же; *ка талаасында, ка тоосунда* ("кай, каа" болуп да айтылат).

КА II: ка–ка *пам.* карсылдап күлгөндү туураган сөз; *"кавадывы" деп келатат, ка–ка! –ка!*

КА II *батк.* кал; *бүтүн биздикиге келе ка* (Ак – Турпак тарапта бул этиш үңгү түрүндө эле «л»тыбышы түшүп айтылат).

КААДАГЕРЧИЛИК *батк.* каада кармоочулук; *арзангэрчилик болуп каадагерчилик көвөйдү.*

КААК *ыск.* тике турган жыгач өсүмдүктөрүнүн куурап калгандагысы; *дуулдап күйгөн каактын тавынан чайнек шарактап кайнады.*

КААКА *батк.* кайда, кайсы жакка; *каака жөнөдүңүз, бекерчиликпи?*

КААКТА *лейл.* какылдоо; *тоwок тукуму кегенде каактайт.*

КААКЫ *ыск.* начар, жаман, катаал; *ой кудай ургандай каакы.*

КААКЫЛ *өзг., сейр.* майда чач, саамай; *жаагына каакылы түшүп.*

КААЛАЙ *жерг.* сапатсыз, аз; *эчкинин сүтү каалай.*

КААЛАЙЛУУ *тторо. каалайлуу тердик беш сомдук.*

КААЛАМАЙ *түшт.* 1. жаш балдар эки катар болуп кол кармаша тизилип, анан бирөө созулган колдун астынан өтүп, каалаганын этек – жеңден тартып, чертип, чымчып ойногон оюндун аты; *кааламай ойнойлу*; 2. өзү каалап, бирөөгө баш кошкондук; *ана кааламай деген кааламай, ого закон бар.*

КААЛЫ *жжол.* кабагы бүркөлүү; *кавагы каалып, көзү от чачат.*

КААМЫТ: карын–каамыт *пам.* тулку, сымбат; *карын–каамыты келишкен.*

КААНА *суз.* 1. бөлмө, там; *көп каанасы бар кеме да болот*; 2. *өзг.*, сейр. мал сарай, кепе; *ал короодо бузулган каана бар болчу.*

КААР *өзг.* ууз; *чоң энем койдун каарын ич деп чакырды.*

КААРЫ I *пам.* кары; *каары киши экен.*

КААРЫ II *зам.* жер жарыгы; жер асты; *жер каарыга кирип кеткен экен.*

КААРЫ III *батк.* устун; *тамдын каарысы жаңы*; **эшек каары** – жоон устундан башка да туурасынан салынган устунча; *бұл тамга эшек каары тартпаса бовойт.*

КААРЫ IV *өзг., жерг.* 1. чикит ойнунда чикитти колдун карысына ченеп кармап, ашкан жагы менен баласын чабуу учуру; 2. колдун каруу жери; *сыңар каары жерг.* чикит ойнундагы бир кырдаал; *сыңар каары бармак астыдан мурда болот.*

КААРЫ V *зам.* тигүү; *чапанды каарып бүттүңүзбү, апа?*

КААРЫП *батк.* текөөр; *путуга каарып чыгат.*

КААТ *жжол.* 1. каргап – шилеген сөз, каар; *кагылайын, атам менен айтышпа, каатына каласың*; 2. *кочк.* татаал; *каат жолго кирбе.*

КАВА *суз.* мейли; *кава өгүз болсун, кава ат болсун.*

КАВАА *суз.* кымыз куюла турган идиш; *кавaа алып келет.*

КАВААК *түшт. зам., пам.* кабанак; *бизде кавaак дейт.*

КАВААЛ *өзг.* буйтка; жашырын жер; *калган үчөө кавaалда.*

КАВААҢАЧ *батк.* кабанак; *кавaаңач иттин өмүрү кыска болот, капкан сэйин өлүмгө нуска болот.*

КАВАГАЧ *батк., жерг., ош.*

кабанак; *кабагач иттин алдыдан өтпө* ("каваганч" болуп да айтылат).

КАВАЙИ *зам.* өнү кызгылт, өзү сүйрү келген буудайдын сорту; *кавайи акбээри менен ак буwдайдан башка болот.*

КАВАК I *пам.* 1. конул, көңдөй, түтүк; *узун терек, ичи кавак* (таб. мылтыктын найы); 2. *батк.* түркүктүн башы киргизиле турган оюк же терезе, текченин жогор жагына ылай түшпөс үчүн коюлган жыгач жана анын коңулчасы; *уваска шо кавактан чыгат;* 3. май жубазга зыгырды тартканда, зыгыр эзилип келип катуу болуп уюп кала турган жер; *кавактан күн жәрәни чыгарып ал.*

КАВАК II *ар., батк., лейл.* 1. даамы бир аз ачуу, өзү чоң – чоң өрүктүн бир түрү; *өрүктүн кавак деген кылы нәчәр эле болот*; 2. *батк.* анжирдин сүйрүрөөк келип, кеч быша турган түрү; *кавак әнжир шамалга кагылды;* 3. *түшт., жерг.* ашкабактын сүйрү, бир жагы бөйрөктүү келген түрү; *жесең – кавак, кылсаң – тавак*; **моңду кавак** *зам.* ушул өсүмдүктүн чоң баш байлай турган бир түрү; *там – ташка моңду кавак эгиле берет*; 4. ушул өсүмдүктөн ичи оюлуп жасалган идиш (буга куюлган суу таза жана муздак бойдон турат. Ичке тоголок башынан ооз чыгарып жасайт, аны колтукка байлап алып суудан сүзүп өтүү үчүн да колдонулат. Кичинесинен чакча жасалат); **май кавак** *батк.* сары май куюучу ашкабак идиш; *май кавак кайда, кызым?*; **суw кавак** *тал.* ашкабактын даамы начар, аш болумдуусу азыраак бир түрү; *алар уйга суw кавак бышырып беришет экен*; **шиңгил кавак** суюк нерсе куюла турган кабак идиш; *шиңгил кавакка суw куй.*

КАВАКАН *алб.* бир нече киши чогулуп тамак ичкен идиш; *даамдуw тамак кавакканга толтура болду.*

КАВАКТА *тторо.* бүркөө; *кавактап жүргөн күйөө бар.*

КАВАҢКЫ *алб.* кабанак; *каваңкы ити байлак.*

КАВАР *жерг.* тоголок дан, баш байлай турган өсүмдүктүн аты; *каварды апкел деди гочу, көрөлүк .*

КАВАРЧЫ *чүй.* кабаруу; *каварчывай айтчы деги, эмне билгениңер бар, балам?*

КАВАРЧЫК *жжол.* үлбүрөк теринин кабарып калгандагысы; *эти жука, көзүнүн үстү каварчык*

КАВАТ I *жжол.* 1. "чаканбеш" ойнунда "чакандардын" биринен кийин биринин катар тигилиши; *беш койуу, кават койуу болот*; 2. *өзг.* "жаңгак утушуу" ойнунун бир кырдаалы; (мында ар бир бала жаңгактын аралыгын бир метрден тигип анан беш метрдей аралыктан атып тийгизип утуп алат); **беш кават** "аралаш" ойнунда жаңгакты кабаттап атуу үчүру; *"беш кават" деп кыйкырып атыш керек.*

КАВАТ II *кочк.* мол, көп; *отуну да кават.*

КАВАЧАК *зам.* косектин пахта тазалоочу машинадан майдаланып чыккан кабыгы; *тилазардан дүнүйә безәр, кавачакты тазалаң.*

КАВЗА *жерг., лейл.* тутам; *бир кавзадан буwдайды орду*; басма кавза *ноок.* үйдүн оймо – чиймеленип катар – катар кылып салынгын жыгач үстү; *үйдүн үстүнө басма кавза кылган.*

КАВЕДЕ *батк.* чөп, саман, беде, бакалдан майдалап туурап жасалган алап; *малдарга кеведе жасап койчу.*

КАВСАР *жерг.* оймо, кооздук түшүрүлүп жасалган шакектин бир түрү; *кавсар шәкәк бап келди.*

КАВУЗАК *зам.* жыгач кабыгы; *ол талдын кавузагыны тазала.*

КАВУЗДЕК *пам.* суунун үстүнө

тоңгон жука муз; *сәәр турсаңыз, сүүдү кавуздек басып калат.*

КАВУЗДЕКТЕ *пам.* каңылтырлап муз тоңуу; *сүүдүн үстү кавуздектеп калыптыр.*

КАВЧАК *зам.* майдаланган, талкаланган ыпыр – сыпыр; *бахардагы бегамдык – күзгү пишәймәндик деп кавчакты чогултту.*

КАВШЫРЫЛ *батк.* очорулуу; *атка минсе, кавшырыла түштү.*

КАВЫГЫР *батк.* депкир; *кавыгыр менен палоў аралаштырып, сәксән күндө савакка түшөт, токсон күндө тавакка түшөт – деген метел айтты.*

КАВЫК *түп.* кабылган тигиш; *жууркандын кавыгы жакшы.*

КАВЫЛ I *пам.* күмбөз; *эр Манастын кавлын көргөн барвы.*

КАВЫЛ II *жерг.* 1. алдуу, күчтүү; *күрөштө көрдүм хыйла кавыл экен*; 2. *ноок.* ар сөздү, ар ишти түз кабыл алган адам; *айрым киши кавыл болот.*

КАВЫЛГА *чатк.* 1. боз үйдүн арткы үзүгү; *аркаңкы кавылганын да боўлору болот*; 2. *тал.* каалга; *үйгө кавылга салыш керек эле.*

КАВЫЛДА *тал. сейр.* каалга; *карачы кавылдасын, чоң атаңдын жайындагы.*

КАВЫЛХАНА *жер.* устачылыкта заказ кабыл алып жана даяр буюмдарды коюп коё турган жай, үй; *кавылханага тәйәр нерселер койулат* (бул жакта устаканалар эки бөлүктөн: "кавылхана" жана "устаханадан" турат. "Устаханада": очок, очоктун жанында бийиктиги 70см. чейин, узун жана туурасы 1 – 1,5м. чейин келип, ылай же кирпичтен жасалган олтуруучу жай, "супа, көwрүк, дөшү, сандан искәләт" болот. Буюмду өгөөлөө, кырдоо, гүл салуу ж.б. иштер жүргүзүлөт).

КАВЫЛЫ I *зам., лейл.* жөндөмдүү, ишкердүү, эмгекчил; *кавылы жигит жоwмарт* ("кавлы, кавуwлы" болуп да айтылат).

КАВЫЛЫ II *зам.* адептүү, момун, жоош; *ол кавылы – ала гүзөн болсо йәм арслан болвос;* **сәәдә кавылы** ак көңүл.

КАВЫМСАК *жерг.* бир нерсени кабып тигүүгө ниеттенгендик; *көрпө кавымсак болуштулар.*

КАВЫН *зам.* кабуу; *канчык иттей кавынат.*

КАВЫР I *пам.* 1. мүрзө; *кавыр казгалы кетти* (кээ бир жерде "кавур, ковур" болуп да айтыла берет); 2. *пам., суз.* мүрзөгө эстелик иретинде коюлган белги же жыгачтан, темирден, кирпичтен тегерете айланта курчалып коюлган тосмо, тор; *достору кавыр жасатып келишиптир.*

КАВЫР II *чүй, тоң* абдан арык болуп кабырылып көрүнгөндүк; *жылан кавыр; кайран жылкы жылан кавыр болуп кетпесин.*

КАВЫРГА *жерг.* ичке шакектин бир түрү; *кавыргасыны кармалап отуруп гәп урду*; **катар кавырга** *жерг.* мергенчиликке чыкканда аңга чыккан адамга бөлүнгөн моюн, омуртка, ичеги – карын; *ого катар кавырга гана каган*; ◊ **кавыргасы жука** мажүрөө; *кавыргасы болвосо, өпкөсү чыгып кетет бат мактанчаак.*

КАВЫРГАЛУW *өзг.* керегесине жыгач ашталып, анын арасына «голек» коюлуп жасалган үй; *үйдүн кавыргалуw деген түрү шо.*

КАВЫРСТАН *жерг.* көрүстөн; *кавырстанга сыйынып өтөт экен илгери.*

КАВЫРЧЫК *ыск.* кабыкча; *жука ак кавырчы.*

КАВЫРЫК *жумг.* кабырылып ичке тарткан нерсе (мал, жан, буюм); *баары кавырык, бойлору жапыз.*

КАВЫШ I *батк.* жаңылыш; *бул анын биринчи кавышыдыр.*

КАВЫШ II *жерг.* төшөктүн кабуусу; *ә, Сәлимә, кавыш кавышкын.*

КАВЫШ III *зам.* бирге жашоо, биригүү, кошулуу; *Кошвак ага агасы менен карыганча бирге кавышты.*

КАГАДАК *суз.* 1. күнгө катып, жумшактыгын жоготкон какмар; *ичмекти жууп койчу, кагадак болуп каптыр*; 2. жыртылып ташталган нерсе; *эшиктин алдыда да кагадак.*

КАГАЖЫ *ош.* жазгыруу; *бир нече саатка кагажып жок болду.*

КАГАЙ I *чүй.* чоочун; *мен саа өгөй – кагай эмесмин го.*

КАГАЙ II *жжол.* 1. күнгө кууроо, катуу; *кагайган сөөктөй өңү өчтү*; 2. *жжол.* ысыкта чаалыгып чаңкоо; *ысыкта кагайып барат.*

КАГАЛЖЫН *өзг.* тартынуу; *алдыма кевей кагалжынат.*

КАГАТЫ *суз.* жаңгактын маңызы жумшак, даамдуу келген сорту; *кагатыдан бир жесек.*

КАГЫЛ *батк.* талбай учуу; *ак шумкар куштай кагылган, алтындан орден тагынган.*

КАГЫЛЧАК *ноок.* боз үйдүн жүн оролуп чийден тизилип жасалган эшиги; *калай, әкә кагылчакты әнди билдиңизби?*

КАГЫМ *жерг.* 1. кагын; *ол киши кагым болуп жатат*; 2. кор; *бир адамга кагым богон.*

КАГЫН *алб.* таштын оюгу; *мал кагындан суw ичип атыры.*

КАГЫНДЫ *ыск.* жааган кары учуп карарып калган жер; *кагын болуп калган жер тура.*

КАГЫНДЫРАК *ноок.* кагылып алынган; *кагындырак өрүк экен, алыңалың.*

КАГЫРА *ош.* катуу жерге жайылып өсүп, көпкө чейин жашыл бойдон тура берип, жерге жабыша өскөн өсүмдүктүн аты; *кагыра узарвайт, жердин бетине өсөт.*

КАГЫРЕЗ I *лейл.* жаздын алды менен чыга турган майда көк чөптүн аты; ушул чөптүн жыты; *эшикке чыксаң, кагырез.*

КАГЫРЕЗ II *лейл., батк.* салкын, серүүн; *кой эрте менен кагырез алат* («кагрез" болуп да айтылат).

КАГЫТ *ыск.* кандайдыр бир сөз айтып чымчылоо, алаксытуу, тамашага алуу; *сөз таштап кагыта бербечи.*

КАДА I *түшт., тал.* 1. кесип кургатылып коюлган чабак, шыргый жыгач; *кадалардын керектүwүн алып кал;* 2. *жжол., тал.* тирөөч, түркүк; *карчыга конбойт кадага, кой кошулбайт падага.*

КАДА II: када–када *суз.* быт – чыт; *када–када болуп качып берди.*

КАДАА *ыск., чүй.* кадоо; *жүгөндүн кадаасы чыгып кетиптир.*

КАДАК I *ноок.* 1. чыны идиштердин сыныгын бүтөп кадоо үчүн колдонулчу, эки учу иймекей кол мык; *кадак кавай каптыр.* 2. *тал.* тегирмендин аякка дан түшө турган ноосунун учуна байланып, эгинди өлчөмү менен тегирмен ташка куюлтуп туруучу регулятор; *кадак тегирмендин жемин өлчөп түшүрүп турат.* 3. *тал.* жеңил, элпек, кичине; *ал кадак неме, жүгүрүп барып келсин*; **ийне кадак** *жерг.* төөнөгүч; *ийне кадагым түшүп кетти, тавышып берчи*;

КАДАК II *пам.* пайда; *сен кадак таптыңбы?*

КАДАК III *батк.* өңгүл – дөңгүл; *жол кадак болуп калыптыр.*

КАДАКТУW *пам.* пайдалуу; *кадактуw адам экен.*

КАДАКЧЫ *батк.* идиш – аяктардын сыныгын кадак менен бүтөгөн киши; *чәйнекти кадакчыга апарып кадактатып кел.*

КАДАМА *батк.* тирөөч, жөлөк; *үч жыгачты койсо – кадама болот.*

КАДАМАК *ал.* кийимдин төшүнө же башка бир нерсеге төөнөлүп кадала турган зат (төөнөгүч, значок, белги ж.б. нерселер); *кадамагыны кадап алып, кадыры менен бирге барып...*

КАДАМАЛ *ыск.* кадалып оңдолгон; *кадамал казан.*

КАДАҢДАТ *ал.* алчактатуу; *минемин кара атымды кадаңдатып, баспайды карсыз жерге кадам басып.*

КАДАРКЫ *жерг.* тоодогу таштын арасынан (жаракасынан) эрип, агып чыккан суюк сымал эринди; *кадаркы таштан серәп эрип чыгыптыр.*

КАДАТА *батк.* анжырдан даамы ачуу, өңү саргыч, жумшак келген түрү; *кадатаны оңүдөн бил.*

КАДДЫ *батк.* орду, ык; *жүдә гәпти каддыга койуп сүйлөйсүз дә.*

КАДЕК *суз.* түйүү, сактоо; *журөгуңө бир сөздү кадек кылган жакшы, ону унутпай жүр.*

КАДИК *тал.* аба ырайынын өзгөргөнү; *он – жыйырма күндө бир кадик болот.*

КАДЫ I: кады–ковмат *жерг.* келбет, көрүнүш, түзүлүш; *ә, кады–ковматыңдан ә!* ("кады – коомат" болуп да айтылат).

КАДЫ II *жерг.* кадуулоо; *карга айланбас тоwлордон кадып өткөн әдис.*

КАДЫМ *сүл.* эти. 1. тойдун үчүнчү күнүндө, ар ким келип, тойдон жөн гана ооз тийип кетүүсү; *кәттә мәсләәттән кийин кадым дейт*; 2. *батк.* көзү өткөн кишини эскерүү иретинде айыл адамдарына (көбүнчө аксакалдарга) тамак берүү. 3. *лейл.* ырасым, жөрөлгө; *кадым кылып мал сойот эде илгери, энди калып баратат.*

КАДЫМА *жерг.* тоонун бетиндеги чыйыр жол; *кадыма чипчирәйлик экен, шо жерге барганда дәм алавыз.*

КАДЫМАЙАН *батк.* илгертеден, байыртадан; *кадымайандан бери жашаптыр, кантип эле билвесин?*

КАДЫНАК *түшт.* мөмөсү сүйрү, ак бүртүктүү, даамы таттуу алмуруттун бир түрү; *кадынакты көп жеве, ичиң ооруйт.*

КАДЫРДАН *түшт.* 1. кадырлуу, сыйлуу; *кара жорго минген кадырдан бала сиздей жок;* 2. кадырлаш, сыйкоор; *илгертен бери кадырдан кишилервиз.*

КАДЫРЖАМ *батк.* бейгам, көңүл, ток; *кадыржам болуң, мен сизге зәрәр кывай тургандай кылам.*

КАДЫРУЛЛО *зам.* кудурет; *кадырулло жараткан, кулагыңан.*

КАЖА *ыск.* бүркүттү тапка келтирүү; *бүркүттү кажап жүрүп, үндөккө келтирдим.*

КАЖААРГА *ар.* кооз шалча; *кажаарга салып ат минген.*

КАЖАК I *жерг.* канат, кыл, жүндүн уч жагындагы кайырма тармал; *куйруктары кажак–мажак, ону көрүп күлөрсүз.*

КАЖАК II *чүй.* ысык, аптап өткөндүк; кажагайланып калган; кажыгандык; *күндө отура берип кажак болупмун, эми эс албасам болбойт.*

КАЖАЛАҢ *жумг.* отун – суу жетишпей кысталган учур; *кажалаң болбой жут болбойт, кайгы жойулбай кут болбойт.*

КАЖАМАЛ *өзг.* кажанак; *өтө кажамал, жанына ат барвайт.*

КАЖЫВА *ал.* ачуу, заар, жаал; *кажывасы кайнайт, жини келет.*

КАЖЫМАЛ *өзг.* кажагыч; *кармашканы турасың кажымал пейлиң бар.*

КАЖЫР I *өзг.* курч; *сынчылык кажырын жоготуп койушту.*

КАЖЫР II: кажыр от *жерг.* тоодо өсүүчү өсүмдүктүн аты; *кажыр отту билвей кайда жүрөсүң, мергенчим?*

КАЗА I *тал.* өлүк орой турган марли, даки; *беш метр каза алат.*

КАЗА II *ал.* алат, кырсык; *өткөндө бир казага тумуккан.*

КАЗАҢАЧ *батк. казгыч; шахтада иштегендер жүда казааңач болот.*

КАЗАВЫ *түшт.* кесепет, ай шайтан!; *казавылар кайда жүрөт?*

КАЗАК *жерг., сейр.* малдуу; *казак адам эле.*

КАЗАЛ *жерг.* көк, сары гүл алып өсө турган өсүмдүктүн бир түрү; *казалдан сындырып келчи.*

КАЗАМ *тал.* жок болуп калып бара жаткан көрүнүш; *айал кишиге баш тартыш казам болуп баратыр го* (мал сойгондо кой эчкинин башын тартуу жөнүндө айтылып жатат).

КАЗАМБАК *ыск., эск.* жаш чырпыктардан согулган чыпка; *казамбак уруш кезинде болду эле, азыр жок болду.*

КАЗАМЫК *жерг.* бүдүр – бүдүр болуп кызарып чыккан оорунун аты; *казамык бүдүргөнөктөп чыгат* ("кызамык" деп да айтылат).

КАЗАН I *зам.* тогуз коргоол ойнунда уткан коргоолду сала турган чуңкурча; *уткanын сала турган казаны болот;* ◊ **казанга жараша капкасы** *зам.* эшегине жараша тушоо; **көр күйөө куйсун, казан кайнасын** *лейл.* ач бол – жок бол, кара башың ток бол; *көчөгө казан аскан адам меймандос.*

КАЗАН II *зам.* жетишүү, туйтунуу; *турмушта казанганым шу.*

КАЗАНАК *жжол.* түбөлүктүү, биротоло; *түп казанак болгонун көрөбүз деп иштей бермей.*

КАЗАНАСМАЙ *атб.* этин көбүрөөк салып бышырган тамак; *казанасмай жасап живер.*

КАЗАНАШ *нар.* чоң тойдун алдында өткөрүлгөн кичине той – тамаша; *казанашта ат чабылган экен дейт.*

КАЗАНБААШЫ *пам.* көпчүлүккө тамак даярдоонуу уюштуруп, ага жооп берген киши; *досуң миң болсо йам аз душманың бир болсо йам көп дейт кү, о казанбаашы.*

КАЗАНБАК *чүй.* 1. "черта"ойнунда бир нече үйдүн баш жагына жарып тегерек сызылган сызык; *казанбакка сал;* 2. тогуз кумалак ойнунда уткан кумалакты өзүнчө сала турган уя.

КАЗАНБАРАКЫ *өзг.* эт, картошка, пияз аралаштырып жасалган самсанын бир түрү; *казанбаракынын таттуу бышканын жесең, жегиң эле келип турат.*

КАЗАНБИШКЕК *тяньш.* башы төрт ачалуу чалгыч; *казанбишкеги болсо болоор, болбосо ошол да кеп бекен.*

КАЗАНБУЗАР *батк.* таштын кычыктарына чыгуучу, узун – узун тикендүү, кара чеке сымал, бирок жемиш албаган өсүмдүк; *казанбузарды отун кылып жаксаң, этийәт бол.*

КАЗАНБУЛАК *жерг.* тоо жердеги таштын кычыгынан сызылып чыккан суу; *казанбулактын жаныда бир акылдуwдун ишини эки акылсыз эптей алвас деведи ведең.*

КАЗАНЖАЛААР *жерг.* идиш – аяк тазалаган адам; *казанжалаарга суw бүрккөн экен* (азыр бул сөз колдонулбайт).

КАЗАНЖАП *суз.* күнөө, айып; *казанжап койво, казандаган эл алдында уят болосуң.*

КАЗАНКАРМАТУW *батк., эск.* келин келгенден беш – алты күн өткөндөн кийин жеңелери жумшак пейилдүү болсун деп жумшак төшөккө отургузуп, оор басырыктуу болсун деп чапандын этегине сокунун баласын бастырып, бала – чакалуу болуп багы ачылсын деп казан – аяктарды тегерегине коюп, анан бата кылып, андан соң казан карматып

тамак бышыртуусу; *казанкарматуw болуп, шого барган* (азыр жоюлган).

КАЗАНКЕШ *ош.* аш бышырып от жаккан адам; *Асандын тоюнда Эмир казанкеш болуптур.*

КАЗАНКУЛАК *лейл.* 1. "ашканакөчөт" деп аталган көчөттүн кичирээк үч бурч келген бөлүгүнүн аты; *куржундун казан кулак кештеси болот*; 2. *пам.* камырдан чоң – чоң кесип жасалган тамактын аты; *казанкулак жасай аваса, кулагыдан окшотуп эле тартып кой* (кулагынан чоюп кой);

КАЗАНМЕШ *атб.* мештин казан асуу үчүн бөйрөктүү кылып жасалган чоң түрү; *казанмеш тамак бышырчу жайга орнотулат.*

КАЗАНТАШ *батк., ноок.* жаш балдардын таштардан идиш – аяк кылып, "тамак" куюп, "той" кылып, "келин" көчүрүп ойногон ойну (бул оюн азыр эскирип ойнолбой калды).

КАЗАНТЕШЕР *батк.* жаз алды менен көбөйө турган коңуздун бир түрү; *баарда казантешер көбөйүп кетет.*

КАЗАНЧА *батк.* чоюнке; *казанча ич кимде жок беке?*

КАЗАНЧЫК *жерг.* жамбаштын сөөгүндөгү чуңкурча; *казанчыктан чыгып кетиптир.*

КАЗАТ *ош.* бүткөн бой дүр дей түшкөндүк; *азат бойу казат болду.*

КАЗГЫЧ *ал.* жерди чукуп каза турган нерсе; *силер барып бир казгыч таап келгиле.*

КАЗАП *өзг.* кыйноо; *оорусу айыкпай казап болду го.*

КАЗЕЛЧИ *жжол.* ар ким ыр чыгарып, ырдап ойногон оюн; *казелчи деген оюн болор эле.*

КАЗЕНЕК *карс.* 1. биринчи үзүмдөн кийин бакчада калган майда – чүйдө али быша элек коон – дарбыз; *коондун пәләгиндә жалаң казенек калды;* 2. *өтм.* жаш бала; *көчөдө казенектер топтошуп алыптыр* (к. камек).

КАЗНАКАНА *ноок.* тамак – аш, эгин – тегин, түрдүү буюм сактай турган үй; *казнаканга мышык кирип кетти.*

КАЗТАМАН *ыск.* жалбырагы жалпак келип, ача чачкан өсүмдүктүн аты; *казтамандан жулуп келчи.*

КАЗТАҢДАЙ *ыск., өзг.* 1. жалбырагында изче, быдыраласы бар, сүйрү, жалпак келген өсүмдүктүн аты; *казтаңдай шывак менен жөргөмүштөн башка болот* (кээде жөн эле "таңдай чөп" деп айтылыт) 2. ушул өсүмдүктүн элеси түшүрүлгөн көчөт, сайма; 3. *чүй.* тогуз тал көктүн бир жагы төрт, бир жагы бештен басылып, бешинчи тал дайым алмашып терилип, айланып тегеренип өрүлгөн өрүм; *өрмөчүлүктө казтаңдай деген өрүм бар.*

КАЗЫК *акт.* аркар – кулжа, эчки – текенин али чоңоё элек мүйүзү; **казык байлар** *жжол. эск.* илгери кызга куда болгондо берилген сый; *казык байлар, өпкө чапты азыр жоголду*; **казык бош** *ыск.* жипти бир нерсеге бир учун оңго, бир учун солго үч жагынан чалып байлоо ыгы; *чылвырды терискенге казык бош чалды*; **казык жара** *батк.* эчкинин эмчегине чыгуучу түбү түптүү, учу учтуу жара; *эмчегине казык жара чыгыптыр*; **казыкка отургузуw** *жжол., эск.* илгери күнөөлөгөн адамды жол боюна казык кагып, ошол казыкка отургузуп жазалоо иши; *казыкка отургузуw деген эчак жоголгон, эскирген*; **ат казык** *жжол.* жөлөк, таяныч; *бул сенин ат казыгың, кеткенден калган керээзиң;* **бааш казык** *батк.* токмок; *жакшы сөз — жан азык, жаман сөз — бааш казык*; **док казык** *жерг.* "док" тартуучу

челектин түбүнө кагылуучу казык; *док казыкты сүүруп алалвадым*; **жалгыз казык** *акт.* бугунун төрттөн болгон учуру; *бугуну быштысында сойочор же жалгыз казык дейт*; **жаңгыз казык** *тал., сейр.* чычкандын тик ийини; *жаңгыз казыкка ат бутун тыгып алган*; **жер казык** *батк.* чикитти тизилип туруп чабуу кырдаалы; *жер казыкты чава аваса, казыкка отургуза веде?*; **көр казык** *суз.* казыктын кичинекей, чолок түрү; *бүкчүңдөп көр казык кагып жатат*; **куw казык** *ноок.* 1. ат чабышка кошуу үчүн бир жыл бою кургак чөп берип, күлүк таптоо жолу; *куw казык кылып туруп байгеге кошот* ("куw казык" жолу менен тапталган ат 80 – 90 км. аралыкка чабылган); 2. жерге казык кагып, ага узундугу 5 – 6 м. келген аркан байлап, анын учунан бир бала кармап, айланып, калгандары казыктын түбүнө жыйылган нерсени алып качууга аракет кылып ойногон оюн; *куw казык ойнуда биртам биргэ, экитэм биргэ, үчтэм биргэ дешеттер*; **тоңдурма казык** *пам.* аркар – кулжа, бугу – текенин мүйүзүн кыштын күнү жерге суу төгүп казык катары пайдалангандагысы; *тоңдурма казык кылып алабыз.*

КАЗЫМСАК *жерг.* казууга ниеттенгендик; *орow казымсак болуп дагы казган жокпуз.*

КАЗЫНА *батк.* мылтыктын ок салына турган жери; *казынага ок салышка тэйэрлэйт.*

КАЗЫНАКЧЫ *чатк.* эт бөлүштүрүүнү тейлеген киши; *казынакчы ачка калбайт да.*

КАЗЫНДЫ *пам.* казылып алынган чым; *об–бо, асты бир тым отурвай казынды owгардыы.*

КАЙАГА *ал.* каякка; *ол кайага барат?*

КАЙАЛ *зам.* ой – санаа; *кээде кайалга батам*; **кам кайал** туура эмес ой; *о дэгэр кам кайал боп отурат.*

КАЙВАНА *ош.* тапан, тилазар; *кайвана эгизге жөнөптүр.*

КАЙВАТ *чатк.* айбат; *кайват берди го.*

КАЙВАТТА *ыск.* тымызын ушактоо; *бирөөгө кайваттаган имиш.*

КАЙВЫРА *тал.* кейбирөө; *кайвыраган түгөт, нары барчы!*

КАЙГАК *батк., сейр.* таман; *узун үсөн үч кайгак, учу түвүнү билгисиз, кызыл ала күйкөнөк, тукумуну билгисиз* (таб. "карга тырмак, жолборс таман, каз аяк" деген сайма).

КАЙГЫWУЛ *ноок.* кыйгачтап, тайсалдап калгандык; *коркпосоң жоw качар, корксоң каныңчачар, кайгуwул бовой жүр деп энеси айтат экендер.*

КАЙГЫWУЛДАН *ноок.* тынчы кетип, сыртта эле ары – бери басып, санааркап токтой албай коюу; *ал үйгө кирвей кайгыwулданат.*

КАЙГЫ I *ноок.* 1. козголуу; *жүрөгүм кайгып сагынат*; 2. *ыск.* жер чалуу; *жер кайгып жол тозот.*

КАЙГЫ II *коч.* өйдө – ылдый болуп узакка созулуу; *өркөчтөн–өркөчкө кайгыган жол ушу.*

КАЙГЫГАЧ *жер., ыск.* кайгыгач. жер коругуч; *жер кайгыгач жакшысы болгон.*

КАЙГЫРЧЫ *ноок.* кайгычыл; *бала–чакасын жемелеген кайгырчы.*

КАЙДА I *өзг.* өз жолуна келтирип чебердик менен иш кылгандык; пияз, сабизди кыйгач кылып майдалап кескендик; *пийазды кайдасынан келтирип туура.*

КАЙДА II *өзг.* сапат, маңыз; *аштын кайдасын келтирип койуптур.*

КАЙДАЛАРДА *баткч.* кайсы бир жактарда; *кайдаларда жүрүп барып Зэрдэлини конуш кылган.*

КАЙДАМ *зам.* «билбейм, биле албайм» деген маанини берүүчү сөз; *– хойо, байа көчөдө жүргөн беде? – ону кайдам.*

КАЙЕК *жжол.* кайсы жак; *кайекке барып. кайектен келгени*

КАЙЕТТЕ *батк.* кай жерде; *сен кайетте окуйсуң?*

КАЙЗА *жерг.* минген атты отко койбой койгондук; *атыңды мунча неге кайза кыласың?*

КАЙКАК *жерг.* бүргө; *кайкагы йәм жоголду.*

КАЙКАЛАК *пам., жерг.* килемге, кийизге, шырдамалга түшүрүлүүчү оюунун, түрдүн аты; *гилемдеги гүлдөр: кайкалак, тогуз дөвө;* **кәл кайкалак** *жерг.* килемге түшүрүлүүчү көчөттүн түксүз бир түрү; **кош кайкалак** «кайкалак» орнаменти түшүрүлүп, он тогуз эриштен согулган таар; *кандай кеште чыгарыптыр, кош кайкалакпы?*; **пычак учу кайкалак** бычак учу өндөнтүп келип, кайкалатып согулган орнамент; **кой көз кайкалак** кой көзү сыяктуу кичине тегерек тартып кайкалатып согулган орнамент; **ит куйрук кайкалак** иттин куйругу түспөлдөнтүп кайкалатып согулган орнамент; **сыңар кайкалак** *пам.* «кайкалак» көчөттүн бир түрү; *сыңар кайкалак деген көчөт салынат* (сыңар кайкалак жети жиптен терилип, кайкалак мүйүз сымал терилет да, икс түрүндө болуп, анын экинчисинин алдыңкы учу экинчи икстин биринчи элементинин башкы учуна кошулуп уланат да, ошол ык андан ары кете берет, жиптери түрдүү түстө болот); **топчу баш кайкалак** «топчу баш» өсүмдүгүнүн элесин берген сайманын аты; **шакапча кайкалак** *батк.* жөнөкөй гана жеңилдеп сайылган «кайкалак» саймасынын түрү; *шакапча кайкадак гидемде йәм жүрө берет*; **эки үздүw кайкалак** эки жагынан алынып сайылган сайманын түрү.

КАЙКАМА *суз.* көптүрмө кылып жасалган тару тамак; *кайкама салып жешет ко.*

КАЙКЕТЕК *батк.* тил азар; *онун баласы жудө кайкетек.*

КАЙКЫ *ыск., эск.* илгери уйгурлар тарабынан токулган матанын бир түрү; *кайкыдан сырт кийим кийишкен* (азыр бул сөз эскирген, колдонулбайт).

КАЙКЫЛА *ал.* ойкуу; *кайкылай берип, сайга түштүк.*

КАЙЛА I *зам.* майлуу куурулган этке айран аралаштырылып жасоочу тамактын аты; *казандағы кайланын бетин ач.*

КАЙЛА II *батк.* адат, жол – жосун, салт; *бул биздин кыйладан бери келе жаткан кайлавыз.*

КАЙЛА III *батк., лейл.* 1. кичирээк кол казан; 2. *лейл.* буламык бышыруу үчүн жасалган кичине идиш: *кайла эскирип дат баспасын* (кээ бир жерде "кәйлә" деп да айтылат).

КАЙЛА IV *ноок.* нук; *кайласы менен суw кетти.*

КАЙЛА V *зам.* уйгурча ырдоо; *ал кашкарлык кайлап жүрчү эле.*

КАЙЛАЛЫ *зам.* бышылуу; *кайлалы эде ашыңыз.*

КАЙЛАР *жжол.* 1. кайда гана; кайсы жерге болбосун; кай жер; кайда бир жакка; *атынын такасы кайларга түшпөдү*; 2. *жжол.* ким гана эмес; *кайларга урунбаган гәп ол.*

КАЙЛОW *ал.* ойлобой сүйлөгөн киши; *кайлow бовосоң жасаган әхивәт ич эсиңен кетпес.*

КАЙЛОСУН *жерг.* мергенчилер, малчылар талаада алып жүрө турган кичине кол казан; *кайлосун казанды издеп жүрөт.*

КАЙЛЫК *ал., зам.* 1. зайып,

колукту; *жакшы кайлыгы бар экен*; **кайлык алдыңбы?** үйлөндүңбү? 2. *батк.* келечегинде үйлөнө турган кыз; *кайлыгың әм кәттә болуп, бойго жетип калды.*

КАЙМА I *пам.* эки катталып, кайылып түшүрүлгөн сайма; *көсөм болсоң дә кайманы кантип салвай койводуң экен, әә!*

КАЙМА II *ал.* нак, таза, чыныгы; *гәви а кайма алтын э...эй!*

КАЙМАК *пам.* мылтыктын дарысын жасоо үчүн күкүрт кайнатып, ага шоро кошкондо пайда болгон майда – майда көмүрчө (аны кадимки көмүргө аралаштырып дары жасашкан); **бал каймак** *жумг.* каймакты чала сызгырып, ага кумшекер, ун, жумуртка кошуп бышырып жасаган тамак; *энем кээде бал каймак жасап берет* (кай бир жерде бал же чөбөгөгө шекер, кант кошуп жасайт) **каймак ywpy** *базк.* өңү боз ала, куйругу ичке, бийчи чымчыктын аты; *каза кылып кеткели* (...каза болгондон кийин) *каймак ywруну көргөнүм шу*; ◊ **жер каймак байлап калыптыр** *жерг.* топурак боржок болуп калыптыр.

КАЙМАКТА *пам.* кардын үстү жылтырап катуу; *кар бети каймактайт.*

КАЙНА *батк.* бир нерсенин көп болуп жайнап чыгышы; *жапайы пийәз кайнаптыр*; **кайнап кеткен** *пам.* колго багылган элик, кийик өндүү жаныбарлардын тоодо көп жүрбөй тизесинин томугу чурчуюп чыгып калышы; *көп жатып тизеси кайнап кетиптир.*

КАЙНАК *батк., ноок.* этсиз жасалган жашылча сорпо; *шәшилсәңәр кайнак жасасын* (кээде "суw кайнак" деп аталат); **док кайнак** *жерг.* «докту» көп кайнатып, коюу кылып жасаган тамактын аты; *эки gorowo док кайнак жуттум*; **таш кайнак** *тал.* 1. бышык, чыйрак; *улуw баласы таш кайнак болуп өстү*; 2. *батк.* жаш балдардын майда таштардан үй – тиричилигин жасап ойногон ойну; *бир кезде таш кайнак ойноwчу эдек.*

КАЙНААҚ *ыск.* бат кайнап, ысып кетме; *ал жердин күнү кайнаақ.*

КАЙНАМА I *батк.* булактын суу оргуп кайнап чыккан жери; *кайнамага барып келдим.*

КАЙНАМА II *батк.* «шорво» тамактын бир түрү; *кайнама ак шорводон башкача жасалат.*

КАЙНАР *сок.* жемиш өсүмдүгүнүн каралжын тоголок мөмө алган түрү; *нарыта басып кайнардан үсө кел.*

КАЙНАСАК *лейл.* килемге салынган көчөттүн бир түрү; *ошәтин кәттә сүйлөгөн менен кайнасакты билвес.*

КАЙНАТМА *жжол.* 1. ооруп, эрди кеберсиген адамга карандай сууга туз салып кайнатып ичирүү; *эрди кеверсиптир го, кайнатма ичпесе болвойт*; 2. *жерг.* варенье, кыям; *өрүктөн кайнатма кылдым.*

КАЙНЕНЕГӨРДҮ *батк.* жаңы келин келгенде кайнене эки чоң ысык «патыр» нан, май жана көйнөк алып, келиндин үстүнө кирип, нан менен майдан ооз тийгизип көйнөк кийгизүү салты; *көңүлүң кең болсо, кайненегөрдүгө барарсың.*

КАЙНЕНЕТАВАК *жерг., эск.* нике тойдо күйөөгө кайнене тарабынан тартууланган табак сый; *үйүң тар болсо йәм көңүлүң кең болсун, кайненетавактан коркпоң* (азыр бул көрүнүш эскирген).

КАЙНОW *ал.* кайнам; *бир кайноwу ичиде* (кем); аз жетишпеген, кемчилик жагы бар; бир «шариги» мүчүлүш.

КАЙПЕРЕСТЕ *батк.* кайпаластоо; *кайперестевей гәп ур.*

КАЙРАГАЙ *жерг.* карагай; *кайрагай менен кайың.*

КАЙРАГАЧ *сүл.* кара жыгач; *кайрагач эгип койгонбуз.*

КАЙРАКТАШ *жерг.* чикит ойнунда айтылчу сөз; *баашы–баашы, кайракташы – кайсынысы? – жапалагы же жумурусу?*

КАЙРАКЧЫ *жерг.* эки адамды бири – бирине кайраган киши; *сыйыр сойгон вахта ону санач сойгон – сойвогон деп кайракчы бово.*

КАЙРАКЫ *түшт.* 1. кайрак, каксоо; *кайракыга кош арык чыгарды;* 2. суусуз жерге эгилген эгин, анын түшүмү же сугарылбай түшүм берген дан (конок, буудай, нокот ж.б.); *кайракы эктик эле жамгыр жааса экен.*

КАЙРАСАЛМА *жжол., эск.* илгери кыз узатып келгенде адамга берилген сый; *кайнатасы кайрасалма бербептир* (азыр бул көрүнүш эскирген).

КАЙРАТ *лейл., эск.* адам каза болгондо өлүк күнү айрым кишилерге берилген пул; *кайрат берүw азыр калып баратат.*

КАЙРАТКЫЧ *өзг.* бычак, балта курчута турган кайрак, чарык; *карыйа баласын кайраткычка живерди.*

КАЙРАТМАН *чүй.* кайраттуу; *түвүнөн күчтүү кайратман.*

КАЙРИЙӘТ *түшт.* 1. дурус, шүгүрчүлүк; *кайрийәт байкабаптыр;* 2. алыш – бериш; *ол экоw кайрийәт кылышаттар;* 3. түзүк; *от жакса кайрийәт* (кайрийет" болуп да айтылат). ◊ **дайрадан өтө элек, кайрийәт деве** *жерг. арыктан аттай элек жатып оп болду дебе.*

КАЙРИЙӘТТҮW *ноок.* оңдуу; *кайрийәттүw иш жасадылар.*

КАЙРУУ *чүй.* түлөктөн кийин куш – бүркүттү кайрадан үндөккө алуу; *көг ала кушун кайра алды кайрууга.*

КАЙРЫ I *ыск.* кандайдыр бир кайрылып, кайталананып, кайтоолдонгон нерсе; *күүнү сегиз кайры кылып чертет.*

КАЙРЫ II *жжол.* май алуу үчүн какшып ысыган казанга жанчылган өрүк данегин салып сызгыруу; *жанчылган маңызды казанга салып кайрыйт.*

КАЙРЫК I *ал.* кайруу; *калпагынын кайрыгыдан тааныдым.*

КАЙРЫК II *суз.* майрык; *кайрык киши.*

КАЙРЫКЕЙ *жжол.* чакмак таш ойнунда сол колдун манчаларын бир – бирине кабаттап туруп, анан жерге коомайлап коюп, жердеги таштарды бирден айдап өткөрүү кырдаалы (бул "соку" деп аталган кырдаалдан кийин болот).

КАЙРЫМ *күл.* калпактын кайруусу; *калпагынын астыңкы кайрымы түшүп кетиптир.*

КАЙРЫМА *ыск.* кандайдыр бир үн, обон, күүнү так өзүндөй кылып кайтоолдоп черткендик; *кыл кыйакка салып кайрыма тартыптыр.*

КАЙРЫМЖЫ *жжол., эск.* тартууга берилген өтөлгө; *тартүwга кайрымжы кийит кийгизген экен* (бул көрүнүш эскирген).

КАЙСА I *батк.* данегинен сыгылып бөлүнүп алынган өрүк эти; *ону кайса деп атайт.*

КАЙСА II *батк.* 1. чөптү чалгы менен кыра чаап таштоо; *пычанды кайсалап жүгөрдү;* 2. *кочк.* оттун табына бир нерсени *кактоо; улам отко колун кайсап алып, кунанды жетелеп кетти.*

КАЙСАА *ыск.* кайсыга; *кайсаа чейин баравыз?*

КАЙСАЛАН *жжол.* шаштысы кетип карбаластоо; *ол аке кайсаланып калды.*

КАЙСАР I *жерг.* 1. көйрөң; *кагаз билген кор бовойт дейт о кайсар;* 2.

пам. тантык, бабыр; *жоwлугудан тааныр, жоругудан тааныwас дейт кайсарың.*

КАЙСАР II *ош, пам.* арбагай бутактуу келген өсүмдүктүн аты; *зат кайсарды сереге жават;* **зәди кайсар** *пам.* гүлү ак, өзү малга жагыштуу келген өсүмдүктүн аты; **сары кайсар** кайсар өсүмдүгүнүн өнү сары келген түрү; **тикен кайсар** кайсар өсүмдүгүнүн тикендүү келген түрү.

КАЙТ I *пам., жжол,* койду кайырганда же жылкы алыша кеткенде аларды кайруу үчүн айтылуучу сырдык сөз; *койлорду «кайт!» деп арыды;* **кайт болду** *жерг.* 1. тарады, сууду; *көңүлү кайт болду;* 2. айыкты, сакайды; *кызым оwруп кайт кылып жатат.*

КАЙТ II: кайт таш *батк.* жарылганда быркырап сынбастан тилкеленип бөлүнгөн кабат – кабат таш; *кайт таш жука–жука боло верет.*

КАЙТ III *жжол.* кары адамдардын улгайгандык, карылык жөнүндөгү сөздөрү; *карылардын кайты экен ээй.*

КАЙТАКЫ *ноок.* 1. жаш келин төрөгөндөн тартып орто жашка чейин (40 – 45 жашка дейре) жоолукту башка салынганда төбөсүн жалпак кылып, эки учун алакандай жазылыкта бош орой келип, кулактын үстү жагынан учтарын өткөрүп салынуу түрү; *жоwлукту кайтакы салынат.* 2. *батк.* жалпак кылып тегеректеп кийип алган топу; *топуну кайтакы кылып кийип алыптыр.*

КАЙТАЛДОО *чүй.* бир нерсенин кайра кайталанышы; *анын оорусу кайталдоо болсо кыйын болот.*

КАЙТАР *жерг.* 1. ийрүү, тосуу; *оо кетип аткан малды ойокко кайтар;* 2. *пам.* табит тартпоо; *ат жемди кайтарып калды.*

КАЙТАРМА I *батк.* 1. туш тарабы тик келип, мал чыгып кете албагыдай болгон тоо ичи; *кайтармага атты апарып койуп жүгөрдүк;* 2. тоо айбандарынын ар кайсы жактан айланып келип бир жерге токтой турган жайы; 3. *жерг.* күрөшкөндө биринчи адам экинчи кишини оң бутунан чалса, экинчиси беркини сол бутунан чалып, белден оң кол менен алып, өзүн көздөй тартып, сол кол менен оң ийинди басып же түртүп жыгуунун ыгы; *Кәрим Авазды кайтарма менен жыгытты;* 4. *жерг.* бир нерсени кайтоолдоп дарылоо; *дәлигә кайтарма кыган.*

КАЙТАРМА II *батк.* кум баскан арыктын ичинен чаап чыгарылган чөгүндү; *ол вакта арыктарды кайтарма кылчуw эдек.*

КАЙТАРЫК *кочк.* күзөт; *элдик кайтарыкка өтүп калган иш.*

КАЙТКЫЛА *пам.* жердеги өсүмдүктү өзүнө карай жулуп тартуу; *кайткыласа чыкпаган тамырыга, бырык–бырык кайнаган куйругуга.*

КАЙТМА *жерг.* «пышманын» коюусу; *кайтмадан алып келчи, жейлик.*

КАЙТМАЙ *жжол.* топ таш ойнунда «ак үй» деп аталган кырдаалдын экинчи аты; *«ак үйдү» кээде кайтмай дешет.*

КАЙТМАК *ал.* кандайдыр бир иштин, нерсенин кайтоолдонгондогусу, жангандагысы; *эрде болор бир кайтмак, жанда болор бир кайтмак.*

КАЙТТЫ *батк.* берилген сыйга ыраазы болбой калганда, аны кайра кайтаруу; *аз салса, кайтты дей кайрат.*

КАЙЦЫ *батк.* 1. кайчы; *кайцыны көрсөтүп, сөзгө түшүр* (сөзгө жык); 2. чакмак таш ойнунда өйдө ыргытылган таш төмөн түшкүчө жердегисин сөөмөй менен ортондун

салаасына илип алуу кырдаалы; **кайцы курак** кайчылаштырылып жасалган курак; *кайцы куракты шу жерге салат*; **кайцы тамга** *эск.* жылкынын кулагына х, у, х түрүндө илгери басылып келинген тамга; (бул азыр эскирген).

КАЙЧЫ *пам.* чикит ойнунда союлга балакайын кыйгачыраак коюп чабуу учуру; *чемендеп турсаң да чикилдегиңди кайчыдан башта*; **кайчы гүлак** *атб.* ар кыл кооздукка оюм – чийим түшүрө турган аспаптын аты; *кайчы гүлак, чапкыга да суктанасың.*

КАЙЧЫЛАГЫЧ *жерг.* кайчыланып, кыркылып тегизделгендик; *кайчылагыч туттун бойу пас.*

КАЙШАЙАКЧЫ *түнд.* тил албай, кайра жооп берип айтыша берген адам; *теле кайшайакчы неме көрүнөт.*

КАЙШАШЫ *пам.* камырды жайып жиберип, кайнаган сууга салып, анан айран же сүт катыктап жасаган тамак; *кайшашыны жайган аш деп әм койот.*

КАЙЫ I *чүй., сейр.* чүпүрөк кепич; *кайыга жыгач таман салат.*

КАЙЫ II *лейл., сейр.* кокту, колот, сай; *наргы кайыда падачылар бар.*

КАЙЫ III *пам.* адашып сүйлөө; *адам өтө каарыса кайыйт.*

КАЙЫДА *лейл.* эреже; *көпәк адамга арга жок. кайыда жок.*

КАЙЫК *пам., өзг.* 1. ийрендетилип сайылган түрү бар таар, шалча; 2. башкептин эки жанынан ылдый саландап турган жаак жапкыч; **ийрек кайык** сайманы ичке, гүлдүн сабагы сымалдантып сайылган түрү; **кол кайык** *акт.* суунун өйүз – бүйүзүнө өтүү үчүн тартылган сым аркандуу киши отургуч, өйүз – бүйүзгө кол кайык менен өтөт; **кош кайык** *жерг.* жүгөндүн жанаша кайылып жасалган түрү; **миң кайык** *ал.* сайманын өтө майдаланып сайылган түрү; **пүтөw кайык** *жерг.* баш жагы чокморок, тегерек, туюк сайылган сайманын түрү; **тез кайык** *пам.* оң – сол тарабында эки жагына иймейген эки мүйүзчө, жогору жана төмөн жагында экиден тайтайган бутчасы бар көчөттүн аты; **терс кайык** «гажары, термеге» жыйырма сегиз жиптен терилип согула турган көчөттүн аты; **топчу баш кайык** тегерекче элес берген «кайык» саймасынын бир түрү; **үч кайык** *жерг.* жүгөндүн үчтөн жанаша кайылган түрү; **ыспылы кайык** ийрилип бутакталып сайылган сайма; **эки уздүw кайык** кеште, сайманын эки беттелип сайылган түрү; **кайыктай ат** *батк.* ичке келген, ичи тартылган сыйдаң ат.

КАЙЫЛ I *алб.* 1. тан; *онун жүрүшүнө кайыл калдым*; 2. *жерг.* укмуш; азамат; *хәммә халкка кайыл кылдың*; 3. кызык; *кайыл сүйлөп койор эди.*

КАЙЫЛ II *жерг.* эп, төп, жөн; *рас кайыл келди.*

КАЙЫЛ III: акыл–кайыл *кочк.* үгүт – насаат; *акыл–кайыл сөзүн узатты.*

КАЙЫЛЧА *лейл.* укмуштай; *Токтош пәлвән жүдә кайылча кылып чапты да.*

КАЙЫМА *ал.* 1. кайытып, орто жерден ачык таштап сайылган сайма; *кайыманы кой, орто пашаадан пил жасайт* (ийнени төө дейт); 2. ушул сайма менен сайылган кол жоолуктун түрү; *кайыма тигип берди.*

КАЙЫМАЛ *сок.* төөнүн үч жашар ургаачысы; *кайымалдын уусу жүрүшүп калган учур.*

КАЙЫҢАНАР *батк.* анардын кабыгы кызыл, данеги чоң, даамы

кычкыл, өңү каралжын түрү; *күндө ле кайыңанар беремби?*

КАЙЫП I *жжол.* битир; *илгери жок дегенде кайыбын да берчү эмес.*

КАЙЫП II: улоо кайып *иск.* азоо; *удоо кайып үйрөткөн.*

КАЙЫП III *жерг.* дайын болгондук, билингендик; *айылга кайып болсо, көйнөгүннөн мурда көгдөнүңнү әйтәр.*

КАЙЫР *жжол., лейл., батк.* узун сөңгөк алып, боорлоруна түймө түйүп, анан андан ар кыл түстөгү гүлдөр чыгып, өзү бир аз бозомтук өң алган өсүмдүктүн аты; *илим – акылдын чырагы десең, кайырдын канча түрү бар билиңчи?* (ал гүлүнүн өңүнө карата "ак кайыр, лүл кайыр, мала кайыр..." болуп бир нече түргө бөлэнөт); **кундуз кайыр** *батк.* жалбырагы тогуз дөбө деп аталган өсүмдүккө окшош келип, бою 20 – 25см. бийиктикте өсүп, гүлү кызыл көгүш, боз өң алып гүлдөөчү өсүмдүктүн аты; *кундуз кайырды эзип курттаган малга сыйпаса, куртуну өлтүрөт.*

КАЙЫРГҮЛ *ноок.* гүлкайыр; *кайыргүл аппак гүл алат.*

КАЙЫРКЕР *жерг.* кайрымы бар; *кайыркер да, шон үчүн кеген да.*

КАЙЫРКЕЧ *чатк.* кайрымдуу; *каз торгой элең бийеде, кайыркеч болгун ойеде.*

КАЙЫРЛАШ *ноок.* кош айтышуу; *кайырлашып үйдөн чыгып кетти.*

КАЙЫРМА I *лейл.* күрөштө адамды оң же сол жакка кайрып көтөрүп жыгуу ыгы; *өзүңү чычканча көрсөң, күчүңү арыстанча көрүң да, кайырмага салың.*

КАЙЫРМА II *кочк.* алыш; *жогорку кайырмадан ылдый тарта биздин колхоздун жери.*

КАЙЫРМА III *батк.* союуга чыгарылган, бөлүнүп коюлган мал; *кайырма ат кайда экен?*

КАЙЫРМАК *жерг.* 1. тармал; *кайырмак кара чачың әә!;* 2. *карс.* каргыма; *кайкалак кештелерди кайырмак дейт*; **кыргыз кайырмак** *пам.* ийнеден колго кызытылып ийилип жасалган балык, кармагыч; ◊ **кармарың болвосо да, кайырмагың болсун** жөлөнө турган өбөгүң болсун; **кайырмаксыз азамат** берешен; **кайырмагы тарткан** ташы өйдө кулаган; **жер казбай алтын чыкпас, кайырмак салбай балык чыкпас** *ал. мээнет кылбай рахат жок.*

КАЙЫРЧЫ *жетг.* кайручук; *кайырчы чыкса отко темир ысытып басат.*

КАЙЫРЧЫК *суз.* шуудурап калың келген товар, материал; *әнжийәндә кайырчыктай сылан көп экен.*

КАЙЫТ *өзг.* чарчатуу; *мээни кайытып ызыбайран болушат.*

КАЙЫШ *жерг.* «чакчоонун» белине байлап, айрандан каймак бөлүп алуу үчүн тартылган нерсе; *док кайышты кайда койдуң?*

КАЙЫШКАК *пам.* тырышчаак; *кайышкан неме үзөңгү тевиш салат* (тең тайлашат).

КАК I *ноок.* 1. тоо – адырдын суу – жаан өтпөгөн, токтобогон такыр жери; *онову кактыларде кандай атайт, агай?*; 2. чуңкурча, чөөт; *какта суw болот* ("кәк" болуп да айтылат); зындан как зоо таштардын оюгу, чуңкурчасы; *зындан кактан суw ичет беке?*

КАК II: как мүйүз *ал.* кийиктин үч жашка чыккандагысы; *как мүйүзүңдү билвесем, көп адамды мәгәлмәк кыла берве.*

КАК III *жерг.* кичинекей чымчыктын бир түрү; *как кичине болот.*

КАК IV: как–как *батк.* ичеги – боор эзилип, бүткөн бой солкулдап күлгөндүктү туюндурган сөз; *как–как*

күлүп жүгөрүп, онон жәйләнип отурду.

КАК V *жерг.* аяктап бүтүргөндүк, түгөткөндүк; *бизсиз эде как кылып койгондор экен.*

КАК VI *жерг.* басуу, чөгүү; *онун бетини далк какты.*

КАКА I *ыск.* жаш балдарга карата бир нерсени кир, ыплас, булганч деген маанини туюндуруу үчүн айтылчу сөз; *кака, кыхх – тийвечи!*

КАКА II *пам.* ачуу, заар; *кака гүлдү жыттайвы?*

КАКААРЫМ *лейл.* 1. какырым; *эрмен какаарьм экен, тамагымды кырып кетти*; 2. сасык; *челек какаарым жыттанат.*

КАКАГҮЛ *жерг.* гүл ача турган өсүмдүктүн бир түрү; *какагүл деген гүлдү төшөмөк болот.*

КАКАЙ I *батк.* укуй; *тәң, какай алды го.*

КАКАЙ II каман, чочкону айдаганда колдонулчу сөз; *какай–какай, чарт — чарт.*

КАКАЛ *жжол.* буулуга түшүү, тартына калуу; *сөз айта албай бек какалып, анан акырын саламга өттү.*

КАКАЛА *жжол.* канаттууну бөпөлөөгө байланыштуу айтылчу сөз; *какалап жүрүп жудугу кыйшайыптыр.*

КАКАЛАЙ *пам.* томолой; *какалайдан как жалгыз.*

КАКАЛАКТА *суз.* боорун эзип, аябай күлүү; *билгени жатпайымбы – деп какалактап күлдү.*

КАКАЛА *жумг.* тилге көнбөй, тартынбай сүйлөп, бетке айтуу; *бу кандай сен какаландың?*

КАКАЛАНДА *тал.* бышык, чыйрак болуу; *бала какаландап тура алвайт та.*

КАКАН *тал.* какап кусуу; *колуң ошзучға салсаң каканасың.*

КАКАНДОС *жжол.* жаңы үй салып бүтөрдө анын үстүн жабуу үчүн уштурулган той; *какандосто белинде күчү барлар мелдешет.*

КАКАРАП *батк.* тузу ачуу; *тамагы какарап экен.*

КАКАС *жжол.* обочо, алыс; *өзүн какас кармады.*

КАКАШ *жерг.* кир ыплас; *карагандын түвүдө какаш сулуw отурат.*

КАКЖЕКЕ *ал., эск.* илгерки бут кийимдин бир түрү; *какжеке кийип тайтактаган* (азыр бул эскирген).

КАККУРДУМ *өзг.* жанда, чөнтөктө эчтеке калбай калгандык; *пулу түгөп, каккурдум болуп калды.*

КАККЫЛЫК *жерг.* кагууга жарамдуу нерсе, *каккылык казыкты савда.*

КАККЫНЧЫ *ыск.* жанына эч нерсе жолотпогон чалпоо; *бул дагы каккынчы ат окшойт.*

КАККЫЧ *тал.* тегирмендин долусундагы эгинди өлчөөсү менен түшүрүп туруучу жыгач аякча; *каккыч тынбай ары — бери кыймылда болот.*

КАКМА I *жерг.* 1. тоонун бетиндеги жылма, тайгалак боор; *какма, катык карда тайвайт*; 2. үстүнкү бети катып калган кар (кардын бети какма болгондо мергенчилер аңчылыкка чыгышкан); 3. *чүй.* сарайдан дарбазасынын жыгачы; *сарайдын какмасын сууруп таштады*; 4. *жерг.* күрөштө байкатпай туруп буттун ашыгынын жанына күч менен тээп жыгуу ыгы; *Урок палван ону какма менен жыгытты*; 5. түсү өң жак бетине түшүрүлгөн, жука жана жеңил килемдин бир түрү; **жөн какма** оюусу анча эмес, геометриялык сызыктар түшүрүлгөн жука килем; **кажары какма** терип согулган килемдин бир түрү.

КАКМА II *батк.* таштак; *бу жер какма, мәшинә жүрө верет.*

КАКМАЙ *тторо.* ордо ойнунда экиден ашык чүкөнү катары менен атуу жолу; **какмай эки** эки чүкөнү эки оюн катары атуу; **какмай үч** оюнда төрт чүкө болуп калса, бирөөнү алып коюп, үчөөнү катары менен бир атып чыгаруу.

КАКМАЛ *суз.* жерге салгыч төшөкчө; *бээри бүтүп бәргәги кагансып, какмалды кагайынбы дейт.*

КАКМАЛУУ *чүй.* 1. какма жыгачтуу; *сарайдын оозу какмалуу;* 2. жолу болбогон; *болбогон какмалуу киши.*

КАКМАЧ I *пам.* терскендин дүмүрү; *отунчулар какмач жыйнады.*

КАКМАЧ II *жерг.* 1. катиңки; *эти аз какмач болот;* 2. *пам.* катуу, сараң, сетер; *о какмач гүл кадырыны булвул билет дегенди биле веде?*

КАКМАЧ III *пам., сейр.* чебич; *жер казвай, алтын чыкпас, какмач сойвой, шорво болвос.*

КАКМАЧТЫК *төл.* катуулук, сараңдык; *какмачтыгыңды койчу.*

КАКМАЧЫ *атб.* аңчыларга аң үркүтүп айдап берген киши; *какмачылар ит менен кетишти* (кээде айлакчы деп да аталат).

КАКМҮЙҮЗ *пам.* үч жашка чыккан теке, кулжа; *ак кийик, кызыл кийиктин үч жаштагы эркегини какмүйүз дейвиз.*

КАКМЫШ *ош.* укуй; *ол уткузуп койду, какмыш ал.*

КАКПАК *суз.* капкак; *айран аш бовос, наадан баш бовос деп какпакты жавып койду.*

КАКРЫ *суз.* тоодо өсүп, дары катары пайдаланыла турган өсүмдүктүн аты; *Созокто какры өсөт дешет.*

КАКСАК *кочк.* такыр, биротоло; *акыры каксак эле үмүт үздүрдү.*

КАКСООЛУК *өзг.* өмүр-тиричилик; *элдин каксоолугу сууданбы?*

КАКТА *ал.* какшыта утуу; *онун ашыгыны какпап салды.*

КАКТАК *кочк.* каксоо; *какпак жер катуу келип, чөп аз өсөт же өспөйт.*

КАКТАМА I *чүй.* ак чополуу жер; *какпама жерге сөөк койот.*

КАКТАМА II *түп.* ачытпай туруп эле ысык мешке жукасынан какпап бышыра салган нан; *какпама токоч берди.*

КАКТЫ *жерг.* колот; *кокту, какты жерлерде койон алган чегирим.*

КАКУР: какур-кукур *ноок.* какыраган кургак; *какур-кукур сайда өскөн.*

КАКЧАГАЙ *ыск.* какчайган; *какчагай адам деген ошол.*

КАКЧЕКЕ *лейл.* эти жука жергиликтүү өрүктүн бир сорту; *какчекеси мева әлвәй кавагы калың* (кабагы салыңкы) (кээде "какчеке өрүк" деп айтылат).

КАКЧОКУ *жерг.* чикит ойнунда «баласын» төбөгө коюп, анан ылдый түшүрүп жиберип чабуу кырдаалы; *алагаргага жетем деп чымчыктын путу жыртылыптыр бово, какчокуну әлә әлвәй.*

КАКШААЛ *жжол.* 1. кургакка чыга турган катуу жыгачтын бир түрү; *колуң какшаалдай катуу экен;* 2. суу менен агып келген агынды жыгач, бак – шак; *жазында суунун бойунан какшаал терет.*

КАКШАК *чүй.* тишти какшата турган өтө муздак; *какшак сууга жасаган чалап.*

КАКШЫ *ноок.* какшыктоо; *какшып сүйлөйт, жөн ле жаш отун күйгүдөй болот.*

КАКШЫК *пам.* какшай берген адам; *кайненеси кара өзгөй какшык;* **какшыгы казанда кайнайт** жемечил, какшыкчыл.

КАКЫВАК: какывак-какывак *батк.* үйрөнгөн кекиликти чакырууда

колдонулуучу сырдык сөз; *какывак – какывак, бу кайда кеткен көрүнбөй.*

КАКЫЙ *чүй.* 1. кокуй; *ики, какый белим.* 2. *жжол.* жактырбоо сезимин туюндуруучу сырдык сөз; *какый ий, балакет баскыр!*

КАКЫЙЛА *кочк.* кыйчылдоо; *эшик какыйлап араң ачылды.*

КАКЫЙЛАТ *атб.* кокуйлатуу; *тузду күйчу какыйлатып.*

КАКЫЛЫ: какылы – кукулу *пам.* коюу – суюк; *кара – кура көрбөпсүң, какылы – кукулу жутпапсың.*

КАКЫЛЫК *тяньш., сейр.* чогултулуп төгүлгөн күл, кык, ар кыл көр – жер; *какылыкка конуп келет, кардын суусун ичип келет.*

КАКЫМ *акт., тторо.* байчечекей; *какым дегенивиз жаз алды менен, кар кетери менен чыгат.*

КАКЫМЧЫ *жерг.* сураштыргыч, иликтегич; *«...ач экен, ток экен, ташбака таразачы экен, карга какымчы экен».*

КАКЫМЫШ *жетг.* тоотпогондук; *какымыш этпей турат.*

КАКЫР *ноок.* безилдеп сайроо; *боз ала торгой какырат.*

КАКЫРЧУЛДУК *пам.* суу бойлоп, кургак жерде жүрө турган канаттуунун аты; *гүлдүн гунчасыны изден жүрүп, какырчулдук көрдүк.*

КАКЫРЫКТА *батк.* карсылдап күлүү; *какырыктавай жөн күлчү.*

КАКЫРЫМ I *жжол.* 1. кыйгыл, ачуу; *ушул туз теле какырым болуп кетет да*; 2. *пам.* тамактын калдыгы; *какырым ичкидей имне эде?*; 3. *суз.* курут аралаштырып, пияз, калемпир ж.б. кошуп, бетине май жаап жасаган тамактын аты; *тәйәр какырым бар бекен?*; **какырым алма** *өзг.* жыгачы тикенектүү, бою жапыз келген, майда бутактуу, гүлү ак, даамы кермек, катуурааk алманын бир түрү; *какырым алма катык келет*; **какырым алмурут** *өзг.* тоголок, кичирээк; суусу аз, кургак келген алмуруттун түрү; *какырым алмурут ушулву?*

КАКЫРЫМ II *ыск.* жазда жамгыр жаабай, кара шамал жүрүп, көктөм көпкө чыкпай, малды көк шилти кылган учур; *какырым малдын талпагын ташка жайат.*

КАКЫРЫМ III *пам.* ат кулак окшош өскөн, сары гүл ачкан жапайы өсүмдүктүн аты; *какырым гүл чачат.*

КАКЫТ *түшт.* 1. көкүтүү; *сөздү какыта сүйлөп койду*; 2. *зам.* какшыктоо; *балдарды какытып айтты*; **какыт кыл** *суз.* кыйытып сыноо; *какыт кылып айтсам да сезбеди.*

КАЛ I *ал., жжол.* 1. ээктин чуңкуруна, эки каштын ортосуна терини тиле из салып, көө же арчанын көмүрүн жаап боёлгон белги; *бойго жетип кал салдырыптыр*; 2. *лейл.* түктүү килемдин орто жериндеги композициясы; 3. меңге окшоштурулуп кочкул күрөң түстөгү түр менен сайылган тегерек, кичине сайманын аты; *кал менен чөмүч башы дегени шого, чагымда.*

КАЛ II *акт., нар.* эгин төгүү үчүн төрт чарчы кылынып казылган чоң ороо; эгинди калга сактачу эле илгери (азыр мындай "кал" учурабайт).

КАЛ III *жжол.* жүгөрү жаңыдан дүмбүл болуудан өтүп калган учур; *жүгөрү кал салыптыр.*

КАЛ IV *карс.* кээ бир, айрым; *кал – кал жерде болсо керек.*

КАЛ V *пам.* 1. жоголуу, житүү; *тым эле ич жак көрүнбөйт, ох – ох...о, артып калгыр*; 2. *батк.* көчпөй калуу; *ол ордуда калып кеткен.*

КАЛА *зам.* 1. улгайган эже; *Сарай кыштагында карган эжесин кала дейт;* 2. *батк.* таеже; *мен каламдардын үйүгө кеттим.*

КАЛАА *баткч.* үйгө туташ салынып, арык – торук мал же төл байлап коё турган малкана; *торпок бәйләгәнгә калаа кылышкан.*

КАЛАВА I *пам.* «чабатынын» майга бышырылбастан жөн гана казанга жабылган бир түрү; *калава жасалавы, ашарга кегендерге?*

КАЛАВА II *суз.* келеп; какырымды койуп калаванды түрүп алчы.

КАЛАГАЧ *өзг.* карлыгач; *калагач келгенде айалы отура турган болгон* (төрөй турган убактысы жеткен).

КАЛАДӘН *суз.* суурма,тартмай; *кададәндә тура берип чирип кетпесин.*

КАЛАЙ *жерг., лейл., пам.* 1. кандай; *калай турасың, алың калай, сыр калай?*; 2. кандайча; *калай куштар болупмун*; 3. канча; *асмандагы жылдыздын эсеви калай, ой әке?*; **авышка–кәмпир ал калай, арык–торук мал калай?;** *пам.* улгайган кимдир бирөөлөргө кайрылганда колдонулчу туюнтма.

КАЛАЙЛУW *суз., эск.* илгери «калава» деген жылтырак жиби бар товар менен тышталган кийим; *тону калайлуw болор эде.*

КАЛАЙЛЫ: калайлы уста *зам.* ар кыл темир буюмга гүл чөгөрүп кооздогон уста; *калайлы усталар азыр да бар.*

КАЛАК I *пам.* 1. топоздун мамалагы эмбес үчүн мурдуна өткөрүлгөн жалпак нерсе; *мамалактын калагыны көрүң*; 2. топоздун бир жылдан кийин чыгуучу тиши (ушул тиштин чыгышына карай жашы да ажыратылат); *тиши эки калак*; 3. *пам.* жыгач күрөк; *калакты апке, кар күрөйлү*; 4. *иск.* отооч; *калагың гана ботом, кантип эми отойм*; **бел калак** *пам.* темирден жасалган күрөкчө; *бел калак менен бир койду*; **көмүр калак** көмүр, күл чыгаргыч; **күрөк калак** темир күрөк; **шалы калак** *өзг.* шалынын данын суза турган сузгуч; *шалы калак менен капка сал.*

КАЛАК II *лейл.* 1. данга ным өтпөсүн үчүн ороонун ичине айланта коюлган бакал, саман; *орошто калак койчу эде*; 2. *жжол.* кекиликке тартылган тузактын эки жагына сайылган тосмо куурайлар; *чеге тузактын эки жагына калак сайылат.*

КАЛАК III *батк.* мурунга катып калган чимкирик; *танавыңдагы калакты арчып ал.*

КАЛАК IV *зам.* артта калган; *сөз калак адамдар жөнүндө болмок* (бул көбүнчө окуудан, өндүрүштөн артта калгандар жөнүндө көбүрөөк колдонулат).

КАЛАКАЙ: калакай–чолокой *чүй.* шашып, күлдү калакай болгондук; *калакай–чолокой болуп эле басып жүрөт.*

КАЛАКАТ *жерг., лейл.* 1. жайбаракат; *навайдын алты ушлу, төвөйдүн төрт ушлу, гунан койдун куйругу нары шалп да, бери шалп* (таб. түндүк, үзүк, жабуу, эшик боолор) *деп калакат әйтти*; 2. тоскоолдук; *калдыргачка ич ким калакат бервейт.*

КАЛАКПАЙ *чүй.* ысык нерсени кармап чочуганда айтылчу сөз; *калакпай иий, калакпай, мечи!*

КАЛАКЫТ *зам.* жолтоо, тоскоол; *калакыт бервей, тур нар жакка.*

КАЛАКЫТЧЫ *батк.* жолтоо кылган киши; *калакытчы бовогондо шагулакты мен алат эдем.*

КАЛАКЧА *батк.* ороонун ичине жукараак каланган саман, бакал; *калакча койо авасаң, көтөрүлвө.*

КАЛАКЧЫН *пам.* эркектердин малакай сымал кышкы баш кийминин бир түрү; *оноwу жерде калакчың турат.*

КАЛАМ I *пам.* 1. учтуу темир казык; *калам менен казамын, аркан менен таңамын* (таб. терскен); 2. күмүш, жез, калай ж.б. кооздук түшүрүү үчүн колдонулчу курал; *калам менен оймо-чийме кылавыз;* **бигиз калам** *жерг.* усталардын оюк ойгондо иштетчү шибегеси; *бигиз калам болбосо жаман болуп, бир жери зор, бир жери кичик болуп калат;* **кеште калам** темир, чоюн, жез буюмдарга кооздук түшүрүүдө колдонулчу аспап (мунун учу анча курч болбойт да, жыгач балка менен акырын уруп согот, аны "чекилөө" дейт); **накш калам** устанын буюмду кооздоочу шибегеси; *уста болоттойсуң, накш калам таап алсаң;* **шиш калам отун жок** эчтеке калбай калды.

КАЛАМ II *чүй., сейр.* кызылчанын уч жагы; *кысылчанын каламын кыркып ташта.*

КАЛАМА I *ал.* жай күндөрүндө малды убактылуу камап коё турган жай; *бел орок менен каламага тал оруп кел.*

КАЛАМА II *батк.* 1. зоо, тоо беттеринин адам өтө алгыс жерлерине казык кагып (оюк оюп, анан кагат); адегенде жыгач (тал, арча ж.б.) төшөп, анын үстүнө шагыл төгүп, кайра жыгач, анан шагыл төгүп, бир нече жолу аны кайталап тизилип жасалган жол; 2. таш короо; *илгери Раутта эки-үч километир кеген калама богон экен.* 3. ууктун башы бириктирилип жасала койгон кийиз алачык; *калама да үй.*

КАЛАМА III: калама учук *ал.* адамга суук тийип учук болгондо ташты тегерете тизип, аларды аябай кызытып, анан адамды ортосуна отургузуп, үстүнө жука, таза кийиз жаап, бел курчоодон жогору чечиндирип, сууну ташка сээп дарылагандагы көрүнүш; *калама учук дегенивиз – азыркы пар менен дарылоого туура келет* (бул көрүнүш азыр эскирген).

КАЛАМГИР *өзг.* таканын кыргагын чыгара турган аспап; *каламгирин оңдолоп, адам тилиден, өгүз мүйүзүдөн тавар деди.*

КАЛАМДА *батк.* жукалоо; *гөштү каламдап кесип берди.*

КАЛАМПИР *батк.* 1. суу боюнда өсө турган, кызыл өңдүү, мал жебес чөп; *сөзуңуз оwзуңузда болсун* (кечиресиз), *калампир чөп онову;* 2. өрүктүн өңү кызыл, сүйрү келген түрү; *өрүктүн калампир деген бир хылы бар* (кээде калампир өрүк деп аталат); 3. калемпирдин элесин берген оюмдун аты аты; *калампир сого әвәй ачууң келсе, мурдуңду тиште* (чыдабасаң жер тепкиле); **калампир кәштә** кичине сүйрү элес берген сайманын аты; **калампир мончок** *жжол, жерг.* өңү кызыл, кара мончоктун бир түрү; *калампир мончок майдаңыз, маңа тийди пайдаңыз.*

КАЛАМПИРПУРУШ *ар.* калемпир сатып соода кылган адам; *о калампирпуруш ала гүзөн болсо йәм, арслан болвос.*

КАЛАМТАРАЧ *лейл.* 1. балканын түп жагы төрт бурч жалпак, жаагы сүйрү, учу ичке түрү; *каламтарач жок болуп кавадывы;* 2. бүкмө маки; *каламтарач сынып каппы?*

КАЛАМТЫРЫК *суз.* кара кочкул; *каламтырык кызылды каламтырык кызыл дейвиз.*

КАЛАМЫ I *пам.* кырмызы кийимдин бир түрү; *каламы кийгендер да болучу.*

КАЛАМЫ II *ыск.* ууктун чамгаракка кире турган төрт кырлуу учу; *ууктун учун каламы дечү эле.*

КАЛАР *лейл.* машак, дан; *кайтканда калар ала кеген экен.*

КАЛАС *ош* 1. бүттү, түгөндү, жок, ушул эле, болгону эле ушул; *калас, болду кеттик*; 2. *жерг.* бүтүндөй, такыр, түп орду менен; *кааласа калас болуп кетер.*

КАЛАТ: калат–калат *түшт.* өгүздү кайрууда колдонулуучу сырдык сөз; *өгүз сызыктан чыкса, калат–калат дейт.*

КАЛАШЫРА *пам.* чарчоо; *ээ, биртике эле жерди пийәдә бассам калашырып калам.*

КАЛВА *суз.* калаба; *качан болсо калва–чырдан качам.*

КАЛВАГАЙ *өзг.* өңү ак, буту – мойну узун, тумшугунун учу жалпак тегерек келген канаттуунун аты; *калвагайын чылк эле ак болот.*

КАЛВАК *батк.* энөө; *эчтеке менен иши жок бир калвак.*

КАЛВАЛАА *ноок.* өйүз жак, мандай тарап; *калвалаада оттоп жүрөт.*

КАЛВАЛАСТА *ноок.* карбаластоо; *калваластап калат.*

КАЛВАР *тал.* ыйлап көз шишүү, болтоюп калуу; *көзүң калварып калыптыр, ботом*!

КАЛВЕК *батк.* калп, жалган; *э калвек сүйлөвөсөң.*

КАЛВЕКСИЗ *жжол.* калетсиз; *калвексиз иши үчүн жакшы көрөт.*

КАЛВОWУР *тал.* куш – бүркүткө жайылуучу тордун бир түрү; *калвоwуруң отун жаргычтын жанында турат.*

КАЛВЫ *зам.* жан, жүрөк; *калвым чыгып кете жаздады.*

КАЛВЭЭТ *күл.* көбүнкү баржагай; *калбээт көрпөлөрүн дүкүйткөн күрпөндөр.*

КАЛГА *жжол.* камчы сапка басылган тегерек ак калай; *камчыга калга салгансың.*

КАГААРЫ *ноок.* көшүлүү, мемирөө; *бир аздан кийин калгаарып уктап кеттим.*

КАЛГЫ *батк.* өрмөк соккондо бир жиби чыгып кетип бош калуу; *калгып калыптыр токтой тур.*

КАЛДАГАЙ *ноок.* көбүнчө чычкан, курт – кумурска менен тамактана турган канаттуунун аты; *калдагай эл арасыга кевейт. towдо болот.*

КАЛДАЙ *суз., ноок.* 1. жука, жайык; өтөктөй олчогой, калдай тартып турат; 2. жупка сымал жасалган жука нан; *кээ–кээде калдай жасайт;* 3. *жжол.* "чаканбеш» ойнунда таштарды төргө карай жалпак бетин каратып тигүү; *калдай тигейинби, же кылкан тигейинби*? **ак калдай** *өзг.* өңү ак, канаттарында кызыл, кара тактары бар көпөлөктүн түрү; *ак калдай кувалап жүрүп, алдыдан ала мышык өттү* (жолу кайчылаш келди).

КАЛДАР I *өзг., сейр.* өтүкчү; *бәтиңкеңи калдарга барып оңдотуп ал.*

КАЛДАР II *ноок.* калтар; *калдар, түлкү бирби, башкавы*?

КАЛДАС *жжол.* эчтекени эрен – төрөн көрбөгөн, куулук – шумдугу жок; *бажылдап турат ал калдас.*

КАЛДАЧ *өзг.* арык; *калдач жылкы экен.*

КАЛДЫК *жерг.* 1. топ адамдардын бир даары жөнөп, бир даары жөнөбөй ордунда калганы; *биз жөнөйлү, калдыктар келеттер*; 2. көңүл бурулбай калгандык; *ал калдык боп калды веде?*

КАЛДЫР *өзг.* 1. калдырак; *калдыр кап – оозуңду жап*; 2. өңү купкуу, жондору далысына төшөлгөн, көзү табылгынын чогундай кызыл, мойну узун, жүнү катуу, күбүнгөндө шалдырап күбүнгөн бүркүт; *бир сынаган бүркүттү кайра–кайра сынава дегендей калдырыңды сынай берве.*

КАЛДЫРГАН *ал.* катуу жүрбөгөн жел шамал; *ии, онавуну кара,*

жарашыксыз кийим кийиптир калдырганда, жүдэ эшекке тумар таккандай (өөн, жарамсыз)

КАЛДЫРГАЧ I *жерг., суз.* 1. чабалакей; *калдыргачтар сайрап жатышат*; 2. *терг.* оймок; *казык башыда калдыргач ойнойт*; **калдыргач канат** эки түр берилип, чабалекейдин канатын элестеткен татаал көчөт, сайманын аты; *калдыргач канат менен каз айгыны бүттүм;* **тоw калдыргач** *ноок.* калдыргачтын тумшук тарабы кара, таңга маал эрте сайраган, уясын тоголок, үстү ачык кылып салган түрү; *онусу тоw калдыргачтын уйасы*; **төw калдыргач** чабалакейдин чоң, кара келген бир түрү; **үй калдыргач** тамак – тумшук жагы агыш, уясынын кире беришин ичке, кууш кылып жасап, кечирээк сайраган түрү ("каллагач, калдыгач, кардыгач, калагач" болуп да айтылат).

КАЛДЫРГАЧ II *жерг.* жука куралып жасалган төшөктүн түрү; *бизде калдыргач, кәлит курак төшөк болот.*

КАЛДЫРКАН I *ыск.* 1. сөйкөнүн жалпак жазы келген жука түрү; *кыздын кулагына калдыркан тагышкан* (көбүнчө "калдыркан сөйкө" деп аталат); 2. *кочк.* суунун үстүнө турган жука муз; *чөөткө тургән калдыркан күн тийери менен эрийт.*

КАЛДЫРКАН II *базк.* жалбырагы талпагай келип, көбүнчө каксоолуу күңгөйгө чыгып, өзөгүн аарчып жей турган өсүмдүктүн аты; *калдыркан ол бетте өсөт.*

КАЛДЫРООЧ *атб.* жазылыгы 40 – 50см. келген, чий менен керегенин ортосуна тартыла турган чачысыз кооз тасма; *үйгө калдырооч согуп жатам.*

КАЛЖАНКАШ *жерг.* чакмак таш ойнунда үйүргөн таштарды алакандын сыртына тосуп алуу кырдаалы; *бири калжанкаш десе, бири эки эш дейт* (кээде "кәлчәнкәш" деп да айтылат).

КАЛЖАҢ *акт.* жылкы оорусунун бир түрү; *калжаң болгон жылкы айыкпайт, өлөт.*

КАЛЖОW *өзг.* жалкоо, жалкоотой, жалакай; *жувәзкәштин жувәзкәшинин кошнусудай бовой* (сорпонун сорпосу өндөнбөй), *калжоw бовой иштегин.*

КАЛЕМКАШ *батк.* ийри тумшук сыяктанган гүлдүн элестери салынып токулган кооз таар; *калемкаш чевер колдон чыккан* (кээдә "калемкаш таар" деп аталат).

КАЛЕМГЕР *чүй.* жазгыч; *калемгер киши.*

КАЛЕМИ *ноок.* фиолетовый түс; *кай бир гүлдүн өңү калеми болот.*

КАЛК: жык–калк *ноок.* мелт – калт; *жык–калк болуп агып жатат.*

КАЛКА I *батк., эск.* чүмбөт; *каралдым секет кайдасың, бет калканды сыйрайын* (азыр бул көрүнүш жоюлган).

КАЛКА II *батк.* иттин каргысы; *иттин калкасын кесип салды.*

КАЛКАГАЙ *ыск.* калкайган нерсе; *үстүндө калкагайы бар үстөл экен.*

КАЛКАЙМАК *тал.* сепараторго тартылган сүттүн каймагы; *калкаймак деп жатып кызым экөwүз күйүп бүттүк.*

КАЛКАН I *жерг.* электин алкагы; *салга жүк жүктөп, кишилерди отургузуп алыптыр, оно бир кишинин колуда калканы дә жүрөт.*

КАЛКАН II *батк., эск.* 1. илгери аялдар кийүү үчүн кооздолуп жасалган баш кийимдин бир түрү; *калканды энди айалдар кийвей калды*; 2. ушул баш кийимге тагылуучу ар кыл кооздуктардын жалпы аты.

КАЛКАН III *батк.* 1. жука; *бир топ калкан таш жыйып алыптыр*; жука, жайык келген кал; *билегиде калканы бар о баланын*; 3. ошол калдын элесин берген сайманын аты; *о гилемдин бетидеги калкан деген кеште шо.*

КАЛКАР *ал.* жүдөө, начар; *калкарды иш кыл десе, колудан келвесе кантет?*

КАЛКОЛОWЧУ *пам.* күбө; *калколоwчу болот беден?*

КАЛКЫМА *тал.* сайманын жиби бош сайылган түрү; *өлөң төшөгүндө отуруп, калкыма сайып жатыпсың.*

КАЛЛА I *лейл., жерг.* ирет; *миң калла шүгүр.*

КАЛЛА II *алб.* таеже; *каллам оwруп калыптыр.*

КАЛМА: жатып калма *пам.* капкандан түндүгүнө күлтүк менен бирге көктөлгөн сым деталь; *капка кийиктин бутуна жатып калма ордуна калат.*

КАЛМАКЫ *батк.* үркөнчөөк; *селер бара бергиле, менин айагым тартпай турат, бовосо калмакыны бир минип үгрөтөт эдем.*

КАЛМАКЫЛЫК *батк.* үркөнчөөктүк; *бу аттын карыса йәм калмакылыгы каваптыр.*

КАЛМАЛАШ *зам.* алышып – күрөшүп ойноо; *сүйлөшөр жерди биз тавып калмалашсак кичикинә.*

КАЛМЕНДЕ *суз.* сүткө буламык жасап, ага кайра – кайра сүт куюп, көпкө бышырып, аябай кандырып, анан аны жупкага сүртүп, үстүнө жаңгактын майын куюп, дагы жупка жаап, бир нечесин бир тоголоктоп жасаган тамактын аты; *калменде Арсланбапта жасалат.*

КАЛМҮШТӨК *тал.* кирпи, кирпичечен; *калмүштөктүн тикен сайып живерет.*

КАЛМЫШ I *пам., эск.* илгери эчки – текенин терисинен кыска кончтуу кылып жасалган бут кийим; *бемаал чакырган тоwоктой бовой калмышыны кийип алсын.*

КАЛМЫШ II *батк.* айып, күнөө; *кылмышыны ол кыган, калмышыга мен кагам.*

КАЛМЫШЫНА *кочк.* акыр аягында; *калмышына өздөрү араң жеткен.*

КАЛООЧ *ыск.* кандайдыр бир нерсеге калай жабылган же тагылган нерсе; *туш калоочтун калыңы жакшы.*

КАЛООТ *жерг.* цемент чылай турган темир яшик; *калооттун кырына сүйөнүп, ашпурт жеп жатат.*

КАЛП *батк.* оң эмес, туз эмес; *көнүлүң жудә калп та.*

КАЛПАК *батк.* самоордун түтүнүн өчүрө турган капкакча; *самоорго калпагыны кийгизе кой, түтүңү өчсүн;* **калпак бow** *калпакка тагылган чачы; кошуңу келди – көмөк келди, энди калпак бowду...*

КАЛПДАКЕЙ *тал.* мөөр – сайышы жок эле ойногондук; *чүкө ойногондо калпдакей да ойношот.*

КАЛПЕТ *нар.* топ адамдын ичиндеги улуусу; *кел, калпет – деп, төрдөн орун берди.*

КАЛПЫС *жерг.* көрүнөө, ачык; *калпыска чыккан згизим.*

КАЛПЫТ *батк.* жукалоо; *калпытып кесип алың.*

КАЛТ *сүл.* калтыруу; *мурапа ач калтпайт.*

КАЛТА *түшт.* 1. чөнтөк; *куш жок жерде кур бака бовой калтаны карачы*; 2. кир баштык; *биттә калтада жумшак нерсе жүрөт*; 3. өтм. жумшарып эзилип кеткен нерсе; *коон кээде калта да болуп кетет;* **боз калта** *пам.* кой жүнүнөн токулган ала баштык; *ол келсе келсин, боз калтасы келвесин;* **каптал чөнтөк**

калтыс мергендин жан калтасын кәттә жасаптыр; 4. **жан калта** жанга асынып алуучу баштык; *ол болсо болсун, жан калтасы болбосун*; **кир калта** *тяньш.* эски – уску бир нерселерди салып коюучу баштык; *кир калтанын оозун аччы*; **тор калта** сетка; *тор калтаң калыңбы?* ◊ **калта какты** *батк.* кенже; *калта кактыга кочкор сүзүштүрмөй үйрөткөн экен.*

КАЛТАЙ *зам.* калтыроо, титирөө, солкулдоо; *эмгектин калканы калтайып турат.*

КАЛТАЛАН *жжол.* көздүн алды бош тартып, териси кат – кат болуп бырышуу; *көзүнүн асты калталанып, бети керсары.*

КАЛТАЧА *алк.* 1. чыптама; *апам калтачасын кийип эшикке чыкты*; 2. *жерг.* чөнтөкчө; *мә, калтачаңа салып кой пулду.*

КАЛТЫЛДАМА *жжол., сейр.* жорго; *калтылдаманы төтөгөнү кийип көчөгө чыкканда.*

КАЛТЫРАГЫЧА *батк.* калтырагычакты; *караңгыда калтырагыча, жарыкта жаркыра.*

КАЛТЫРГАЧ: апыр–тупур калтыргач *батк.* апыл – тапыл кара куш ойну; *чура богон аттай бовой калтыргачка катыш.*

КАЛТЫС I *пам.* чечен, азамат, көзгө атар мерген; *мергендин калтысы бар тоw жүргөн.*

КАЛТЫС II *пам.* сынгандык, чыккандык; *аттан жыгылып, колум калтыс болду.*

КАЛТЫСТАН I *батк.* капыстан; *ал үйгө калтыстан кирип келди.*

КАЛТЫСТАН II *зам.* калтыроо; *калтыстанам баса алвай.*

КАЛУWСУЗ *жжол.* жара, оорунун калдыксыз айыгышы; *жараны калуwсуз кылып айыктырса болову?*

КАЛЧАЙ *жумг.* олчоюу, калдаюу; *калчайып барып, калчайып кел.*

КАЛЧАМАЙ *ыск.* чүкөлөрдү калчап, алчы турса чигени, таа турса бөгөнү алып, утушуп ойногон оюндун аты; *кел, калчамай ойноп жиберели.*

КАЛЫ *батк.* 1. окчун; *калы жүрөт, өлчөсү өзүгө болсун*; 2. *өзг.* ээн; *калы жайга кайткан экен.*

КАЛЫГИЛЕМ *батк.* 1. сапаты жакшы, өзү чоң, кооз ордо килем; *ай, Кеминдин сазыда калыгилем соккомун;* 2. *өтм.* береке, жыргал; *калыгилем жылды айтам.*

КАЛЫКТА *түп.* кайкуу, калкуу; *калыктап учуп жүргөнсүйт.*

КАЛЫМСАК *жерг.* калууга ниеттенгендик; *олор шәәрдә калымсак болдулар.*

КАЛЫҢ *ноок.* эң жакын, бири – бири менен өтмө катар болуп калган; *ол экөw жудә калың*; **калың катык** *батк.* бышыкталып, ичтелген кийим; *Шәйдилдә әкәнин кийгени калың катык.*

КАЛЫС I *ыск.* 1. биротоло; *жөтөлүм калыс айыгып кетти*; 2. ордо ойнунда чүкөнүн аралыгын өлчөй турган жип, чыбык ж.б. нерсе; *ал калыс аркылуу өлчөнөт.*

КАЛЫС II *батк.* өзүнчө; *пәтиңкени калыс кой.*

КАЛЫСЫРААК *батк.* окчун, четирээк; *кийимди калысыраак ил.*

КАМ I *жерг., батк., лейл.* 1. чийки; *акылсыз баштын кам кавактан баркы жок*; 2. ийленбеген тери; *бир ийлем кам бар*; ◊ **кам тарвызынды кучактатпа** *батк.* өйдө – төмөндү бабырап айта бербе, тил эмизбе, жалган сөздү ойдон чыгарып кошпо; **арпасыны кам орду веде?** бирөөгө орду жок залал келтирбөө.

КАМ II: кам–жам *батк.* тыным; *үстөккө босток кам–жам аявастан ызылдады.*

КАМ III: кам–кашек *жерг.* таштанды чөп – чар; *кам кашек ташыды.*

КАМА: кама гилем *батк.* түксүз согулган жука, чоң килемдин түрү; *кама гилемди әрәви гилем дей береттер.*

КАМАК I *лейл.* камгак; *камак учуп кетти.*

КАМАК II *чүй.* аңдар камалып туруп калуучу зоокалуу жер; *кийик камакка барды.*

КАМАККАНА *ал.* зоопарк; *камакканадан кайверендерди көрдүм.*

КАМАЛ *түшт.* учур; *жерден чыгат ыргалып, кулагыга сырга алып, камалыга жеткенде кулактары чувалып* (таб.пахта).

КАМАЛГА *батк.* корук сыяктанган туюк жер; *үйүңдүн үстү бадалга,бадалга үстү камалга.*

КАМАМА *батк.* убактылуу мал короо; *камама кыла койолу.*

КАМАН *ал.* топ таш ойнунда сол колду жерге «үй» кылып, анан оң кол менен таштарды «үйдүн» ичинен тышына чачып, кайра ачык салаалардан аларды бир – бирден айдап кирүү учуру; *ай, Айша, каманга кегенде жыдып кава.*

КАМАНАК *чүй.* кабанак; *каманак ит тура.*

КАМАНАСУW *алб.* ийне тикенекчелүү келген, көбүнчө тоодо өскөн, өңү боз бадал өсүмдүгү; *камасуwду отко жагавыз.*

КАМАНЧАР *зам.* жапайы чочконун эки жаштагы эркеги; *камыштын арасынан каманчар көрүптүр.*

КАМАРИЙӘ *батк.* эскиче ай эсептөөнүн экинчи бир системасы (бул система боюнча айлар төмөнкүдөй бөлүнгөн: мухарам – январь, сапар – февраль, рабилл аббал – март, рабиил сони – апрель, жумадил аббал – май, жумадил сони – июнь, ражап – июль, шавван – август, рамазан – сентябрь, шовалл – октябрь, зудхода – ноябрь, зудхиджа – декабрь).

КАМАШТЫР *зам.* тишти камап калуу; *горо жесем, тишти камаштырды.*

КАМБАР I *жжол., эск.* «быжы» оорусунун пири; *быжы атасы камбар чык* (азыр бул түшүнүк эскирген).

КАМБАР II *акт.* аттиш; *камбар, камбар жасап жүрүп тиши сасыган* (кээде "камбар кычкач" деп да аталат).

КАМГЕРЧИЛИК *батк.* кам көрүүчүлүк; *онун тойуга камгерчилик көрүп жатат.*

КАМДЕС *чүй.* 1. бышыкпаган, көнүкпөгөн; *камдес мерген;* 2. *өзг.* опсуз, ыгы жок; *камдес болуп кетипсиң да.*

КАМДЫК *батк.* билбестик, түшүнбөстүк; *ишиден камдыгыдан бошоду.*

КАМЕК *жерг.* бакча өсүмдүктөрүнүн жетилбей, бышпай калганы; *кowундун камеги алма савагыдан узулгөндөй үзүлвөс;* **ала камек** *суз.* ичи чала бышкан майда коон; *ала камек эмес эле төвөсүгө май токоч берсең;* **ит камек** талаада өзүнчө өскөн коон; *ит камек муштай–муштай болот* (к. казына).

КАМЕЛЕК *өзг.* жаа; *камелектей бүктөгөн киши эде.*

КАМЕНДЕК *жерг.* кантала; *камендек азыр жоголду го.*

КАМЖАРМА *батк.* максым; *камжарма жасайт.*

КАМКАК *ал.* кесек топурак, чалма; *нәржөн бовой камкакты талкалап кой.*

КАМКӨЙ *акт.* чыйрак; *деле бүйрө, деле камкөй.*

КАММАЙ *батк.* жуурат; *каммай ичкиликтүw келет.*

КАМПА *батк.* бир жерге оюк жасап, ага бир бала бештен чүкө салып, анан ошол чуңкурдан чүкөнү

чыгара атып ойногон чүкө ойнунун бир түрү; *олор кампа деген ойун ойношоттор.*

КАМООЛ *өзг.* курчап калуучулук; *эки курчап, камоол баштайт;*

КАМПАЙ *чүй.* тоголок семиз; *кампай семиз, жүнү жок.*

КАМПАКАНА *жерг.* дан сактоочу жай; *кампаканага төгүп койчу.*

КАМПАНА *чүй.* бир айры – бир айры кылып топтолгон чөп; *кампана кылып жатышат.*

КАМПАС *пам.* далдаа; *койлор кампаска түшүп кетти.*

КАМПЫЗ *пам.* безгек ооруга дары катарында колдонулчу өсүмдүктүн аты; *кана, кампызга баралычы.*

КАМСАНА *өзг.* бушайман; *менден камсана болво.*

КАМСЫ *батк., ноок.* 1. чийки болуу; *нанды ысык үзүп камсып калыптыр;* 2. *зам.* тиш камоо, зыркыроо; *көк әлчәни көп жесең, тишиң камсып калат.*

КАМСЫК *түп.* каны ичине тартып, кубарып ачууланууу; *эмне эле бүгүн камсыгып калгансың?*

КАМСЫТ *батк.* чийкирээк кылуу; *сактай албай камсытып койупсуң.*

КАМТАМА *түшт.* камырабагандык, кам санабагандык; *камтама болвой иштей бер.*

КАМТЕК *батк.* жүзүмдүн мөмөсү бышууга жакындап калганда, анын жалбыректарын суюлтуп, начар бутактарды кесип таштоо; *камтек кылсаң жүзүмдү, аласың мол түшүмдү.*

КАМТЕКТЕ *батк.* мөмө албаган шактарды кесип салуу; *жүзүмдү камтектеп тамдын үстүгө чыгарып таштa.*

КАМТЫ *батк.* бирге, чогуу; *бу ишти камты туруп сүйлөшөлү* (кээде "бакамты" болуп да айтылат).

КАМТЫЙ *зам.* бетме – бет; *камтый кылып мойнуна койуш керек.*

КАМЦЫ *баткч.* камчы; *камцы менен цаппасын.*

КАМЧАК *лейл.* жапайы өсүмдүктүн аты; *жантактан башка камчак да өсөт.*

КАМЧЫ *чүй.* 1. тынардын тумшугунда узун кеткен кара так, из; *камчы тынарга үзүнүп–жулунуп чаап кетти;* 2. *өзг.* бүркүттүн канатынын эң четки үлүгү; *бүркүттүн камчысын жер көрпөнүн үстүнө койуп койчу;* **камчы жесин** *акт.* күлүктү ат чабууга даярдоо алдында арыктатуу; *камчы жесин нече күн болот?* ◊ **башыга камчы бүктөду** *суз.* коркутуп үрөй алды; **бир камчысы кам** *алб.* кичине, бир аз жетишпегендик.

КАМЧЫГҮЛ *жерг.* түлүн тамак ооруга дары катары пайдаланган, өңү күрөң кочкул келген, сабы камчы саптай болгон өсүмдүктүн аты; *камчыгүл кудду күрөң болот.*

КАМЧЫЛЫК *тал.* жылкынын соорусунан санын көздөй жээктеп кеткен из (жылкы өтө семиргенде камчылыгы билинбей тептегиз болуп калат, арыктаганда камчылыгы ачылып калат); *аттын камчылыгы билинбей калды.*

КАМШАК *тал.* чийкирээк; *сенин даамсызыраак жасаган оwкатың камшак болуп калды.*

КАМШЫЙРАК *пам.* жалпы эле кийик; *әә, бүгүн бир камшыйрак болгой эде* (мергенчилердин речинде айтылат).

КАМЫР: камыры ачыйт *тал.* жаны кейийт.

КАМЫРПАЛОW *пам.* кесмени туурап, кууруп, бышырылган эттин үстүнө салып, буу чыгарбай демдеп бышырган тамак; *камырпалоwду туссуз жасава* (кай бир жерде ашкүрүч деп да аталат).

КАМЫТ I *зам.* моюнтурукту алдынан беките турган туура жыгач;

мойунтуруктун камытыны апкел, бекемдеп койолу.

КАМЫТ II *жерг.* өтө суук учур; *катыгы камыт кар келет, кылычын алып кыш келет.*

КАМЫШ *батк.* ичке шилби, табылгыдан токулган кыша; *камышты тамга кадайт.*

КАН I *кочк.* чакмак ойнунда сол колдун сөөмөйү менен бармагын жаа түрүндө кылып, анан ага таштарды бирден киргизүүдө эң артында шар айдалуучу таш; *бирин кан атап, артта шар кийрет.*

КАН II *пам.* өңү ак ала келген кустардык товардан жасалган кийимдин аты; *кан кийген бир алаңгазар чалдырганыны билвептир.*

КАН III: кан бер *пам.* тездетүү; *кандуw бетини жуwуп кан берди.*

КАНА I *өзг.* 1. мал же үй канаттууларын кийрүүчү сарай, короо, күпкө; 2. *батк., жерг., сейр.* үй; *канага кирип кел*; 3. *ал., зам.* бөлмө; *үч канасы бар үй салды* (кай бир учурда "каана" болуп да айтылат).

КАНА II *батк.* ширеңкенин талы; *гүгүртүңдө канасы барвы?* ("хана, кына" болуп да айтылат).

КАНА III *батк.* илгери колдонулган кирпичтин түрү; *кана куйса, ысыгы ашынса, шүлдө ичиргендер.*

КАНАВАЙРАН *жжол.* тымтыракай; *эси жоктор канавайран кылып таштавасын.*

КАНАЖАП *батк.* каяшачыл; *балаң өзү тәги канажап бовосун.*

КАНАЖАТ *лейл.* дулдул, күчүк; *мойну кулач канажат көк арпа жесе тойводу.*

КАНАЗАТ *батк.* чыйрак; *термени тентек токуйт, гажарыны каназат токуйт.*

КАНАК: үч канак *батқч.* боз үйдүн капталына коюлуучу камыш бойро; *ол бечәрә үч канак жасап жатып ада кыган.*

КАНАКА *батк., эск.* илгери эшендер турган жай; *канакага баруw үчүн тәәрәт алат эдек* (азыр мындай жайлар жок).

КАНАКТА *лейл.* бөлүп обочолоо; *шайкы бурук үчүн көп тәңгә канактайт деве.*

КАНАКЫ *тторо., эск.* илгери арык чаап тазалаганда союлган мал үчүн чыгарылган, бөлүнүп берилген эгин; *канакыны мурапка берген* (азыр бул көрүнүш эскирген).

КАНАПТА *кочк.* атайын бир нерсени издеп, көзөмөлдөп кыдыруу; *көчөлөрдү канаптап, үйлөрдү карады.*

КАНАР *түшт., тал., чүй.* чөп, саман, пахта ташый турган чоң таар кап; *онову канарды ойоко кулат.*

КАНАРА *түшт.* 1. мал соё турган жер; *канаранын атравы таза болвосо болвойт;* 2. мал соёрдо анын тулкусун илип коюучу илгич темир; *канараны түздөп алып илиң.*

КАНАСАЛАТ *зам.* нааразы болгондо айтыла турган сөз; *аа, канасалат, кыйнава ону.*

КАНАТ *ал* 1. ар кыл канаттын элесин берген көчөттүн жалпы аты; *канат кештелеп жатып кәптәр кагылыш болду* (тийише кетти); 2. *тал.* ээрдин өз – өзүнчө бөлөк чабылган эки каптал жыгачы; *эгердин канаты тик болсо, атты бат жоwрутат.*

КАНАТТАН *пам., эск.* илгерки атчан жоокерлердин башчысы; *канаттан болвой кол болвойт* (азыр бул түшүнүк эскирген).

КАНАШЫРА *батк.* аябай күйүп суусоо; *саартан бери жүгүрө берип канашырап кеттим.*

КАНБУВА *тторо.* тизенин тамырлары карарып ооруган оору; *канбува менен ооруса, сүлүк менен сордурат же кан алат* (азыр бул көрүнүш эскирген).

КАНДАК *кочк.* айдалбай жаткан дың талаа; *тоң тиштеген кандактар быйыл кара күрөң айдоо болду.*

КАНДАКАЙ *батк., чатк.* 1. кандай; *анын машинасы кандакай экен?* 2. *алб.* кандайча; *кандакай орой экен!*

КАНДАРЫ *чатк.* уй тили сымал ичке топ жалбырак алып, жалбыректары майда түктүү келип, өңү көк бозомтук болгон өсүмдүктүн аты; *кандары эрбаасындын өзүвү, же башкавы?*

КАНДАТ *жжол.* кушту алган канаттуунун этине эки – үч жолу чокутуп алуу; *азыр жөн эле кандатып ал* ("кандатуу" кушту кайра салганда болот).

КАНДӘЛӘТ: кант–кандәләт *жерг.* ар кыл таттуу кант – сант, печенье – конфеттер менен мөмө жемиштер; *кечээги тойдо дасторхонго кант–кандәләттин бәәрини төктү.*

КАНДЕ I *өзг.* терең казылган чуңкур арык; *канде арыкка курган ак жувазы боло турган.*

КАНДЕ II *батк.* жумшак мүнөз көрсөтүү; *муңайым сүйлөп кандесе, душманы келип дос болот.*

КАНДЕК I *тал., тяньш.* 1. жердин узун кеткен жаракасы; *кандекке тыгылып калбасын*; 2. *суз.* аң, жар, ор; *кандекке суу толуптур.*

КАНДЕК II *түшт.* мөмөсү чоң – чоң, ширин, ортосунда жиги бар, түктүү, бир бөйрөгү кызгылтым болуп, данеги да чоң, жука таттуу, эттүү келген өрүктүн түрү (кээде ал "кантек өрүк" деп да айтылат, бул сөз "канттай, кант сымал" деген түшүнүк берет; өңү ак, эттүү келген түрү "ак кандек"; өңү сары, эти жукараак келген түрү "сары кандек" деп аталат, мөмөсү өзүнөн өзү күбүлгөн түрүн "учма кандек" деп аташат).

КАНДЕК III *ал.* тоонун бийик жеринде өсүүчү, дарылыгы бар өсүмдүктүн аты; *бир бow кандек артып келдим.*

КАНДИКТҮҮ *ыск.* чыдамкай; *кандиктүү тулпар Сарала.*

КАНДИЛ *жжол.* 1. алманын өңү кызгылт келип, өзү сүйрү, чыдамкай болгон бир түрүнүн аты; *алманын кандил деп аталган түрү көпкө сакталат;* 2. *зам.* өңү сары келген өрүктүн бир түрү; *кандил өрүк пышыптыр.*

КАНДОW *жерг.* таза, таттуу; *кандow суw ичип бир кандым.*

КАНДУW: кандуw бут *ал.* келише көркүнө чыккан, күлүктүгү же жорголугу ашынган жылкы; *ушу жылы жазда карагер пышты кандуw бут болду.*

КАНДЫМ *жжол.* бийиктиги үч метрге чейин өсүп, сөксөөл сымал тарбайып чыккан, сууга оңой менен чирибеген, көбүнчө тоо этегинен кезиккен өсүмдүктүн аты; *кандым да, четин да өсөт, кандымды кесип малга да берет.*

КАНДЫН: кандыны урсун *батк.* таңданганда «укмуш ой» деген мааниде айтылчу сырдык сөз; *укәңиэ азамат бала экен, кандыны урсун!*

КАНДЫРГАЛА *ыск.* өргө, тоого кыйгачтап, кыйгап жогору карай чыгуу; *биз кандыргалап бара койолу* (эгер төмөн карай түшүп келсе, "бөксөлө" деп аталат).

КАНЖАВАШ *атб.* тумшугу көк келип, мойну узунураак, башы тогологураак келген бүркүттүн түрү; *канжавашын ыйык көрөт деле.*

КАНЖАК *жерг.* шуру сымал кооздуктун бир түрү; *канжак менен эки кулакты туташтырат.*

КАНЖАР *чүй., сейр.* канжа; *насвай аткан, канжар тарткан карыйалар асайды.*

КАНЖЕЛ *жжол.* козу карын

сыяктуу келип, бирок калпакча албай кыска өсө турган өсүмдүктүн аты; *канжелдин бойу кичик келет* (илгери муну тиш – ооз ооруларына дары катары кайнатып да беришчү экен).

КАНЖЭЭНИ *лейл., эск.* "канчөw" деп аталган ооруну "буруйлап" дарылоонун бир жолу; *канжээни деп буруйлоw энди калды* (азыр бул эскирген).

КАНЖЫГА *ыск.* бүркүттүн капталындагы калдайган жазы жүн; *жазы жүндү канжыга дейт*; **канжыга байлаар** *жжол.* куштан биринчи жолу ажыратылып алынган жандыкты далбаа кылуу үчүн сактап койгондогусу; *канжыга байлаарды далбаа кылат*; **канжыгага чөп байлоо** *суз.* ищ кылып жаткандардын үстүнө барган чоочун адамга (жүн кыркып жатканда, эгин чабылып же сапырык болуп жатканда ырымдап жүн, дандан бир ууч чөнтөккө салып, сый өндүрүп алуу); *бизде канжыгага чөп байлоо деген бар;* **канжыга кандуу кайтты** мергенчи олжолуу келди.

КАНЕГИЗ *ыск.* бала төрөлгөндө кеткен кан; *кичүү уулун төрөгөндө канегизден кыйналган болчу.*

КАНЕТИП *суз.* кантип; *канетип жазат капасын?*

КАНИКЕ *батк.* иштин көзүн билген, көзү жетик; *муну канике адам билет.*

КАНИМЕТЧИЛИК *жжол.* ондуулук; каниет кылуучулук; *аскадан аркар көрүп каниметчилик болду.*

КАНКАЧТЫ *пам.* көпкө илинип, мергенчиликке колдонулбай калган мылтык; *мылтык көпкө атылвай турса канкачты болот.*

КАНОТУРУШ *жжол.* "кан – увазир" ойнунда сынар тизелеп, бутту жыйып ойноо; *канотурушун жазса, жаза алат.*

КАНПАША *өзг., ош.* канымдат ойну («канымпааша" болуп да айтылат).

КАНСЫКТА *тоң.* ичиркөө, жактырбоо; *баса бала туруп мынчалык неге кансыктады.*

КАНТАКТА *зам.* кесме кесип, эт – май, чөп – чар туурай турган тактай буюм; *кантактаны алып кел, сәвиз кесевиз.*

КАНТАЛАКАЙ *ыск.* топ чүкөнүн бирөөнү "кан" кылып, калгандарын бөк – бөк, чик – чик, алчы – алчы, таа – таа кылып атып, «кан» таа түшсө, талап ойногон оюндун аты; *келгиле, канталакай ойноп ийели* ("канталакай, канталамай" деп да айтылат).

КАНТАЛАШ *жерг., эск.* ак сарбашыл кылып союлган малдын этин элге бөлүштүрүп таратуу; *ол нәзирди канталаш кылып берген* (азыр бул көрүнүш эскирген).

КАНТАШ *суз.* таш, ширеңке ж.б. нерселерди чүкө сыяктуу алчы – таа деп белгилеп ойногон оюндун аты; *канташ деп балдар ойношот.*

КАНТЕВЕР *ал., пам.* 1. тоолуу жерден табыла турган күрөң кызыл түстөгү таш сымал жылмакай зат; *кантевер таштан оwур болот, ону «чака» оwрусуга сыйпайт* ("кантемир" деп да айтылат; 2. *батк.* жалбырагы узунча кеңири, жашыл түстүү келип, тамыры сабиздей болуп, буудайдай баш алып, кабыгы кызгылт тартып өскөн өсүмдүктүн аты; *бийик тоолордо кантеверди көз карарып дене талыганда чәй кылып ичирген* (бул өсүмдүктүн тамырын жанчып кургатып, анан кайнак суурга чылап, чыпкалап, андан соң бел, тиш, оозул сыяктуу ооруларга алдын сүт ичип, аны дары катары колдонуп келишкен. Азыр бул көрүнүш жоюлган).

КАНТЕҢРИ *батк.* тоо дарыянын боюндагы корумдардын же ошол

жердеги карагандардын арасына чыгуучу түбүндө бир нече тоголок түймө алган, жалбырагы тоо "үлкөндүкүндөй» узун – узун көк түстө болгон, ортосунан ичке жеке боткок чыккан, боткогунун башынан жыш айланта майда тоголок мөмө чачкан, анысы бышканда кыпкызыл болуп кеткен өсүмдүктүн аты (ал көк жөтөлгө дары катары колдонулган).

КАНТЕПКИ *батк.* каксоо, таштуу адырга чыга турган жоон өзөктүү, тикендүү келген өсүмдүктүн аты; *кантепкини кан токтотушка сүртөн экендер.*

КАНТОГУЗ *тал., эск.* үлүш ойнунда аркага бир нече жолу чаап жазалоо учуру; *кантогуз бермей эскирди.*

КАНТТОКОЧ *жерг.* печенье; *ичине кан уйуп кетпедиви* (ачка болдун), *канттокочтон жеп алың.*

КАНТЫ I *пам.* канттай; *куйругу канты наваттай.*

КАНТЫ II *өзг.* бир кг. өлчөмүндөгү оордук; *бир канты мәйиз, бир канты өрүк алып келди.*

КАНЦА *баткч.* канча; *сувук жерде канцалар акты көздөн жаш.*

КАНЧЕКИ *батк.* канча болсо; *канчеки болсо, сатып кел* ("канчаки" болуп да айтылат).

КАНЧӨW *лейл.* адамдын аркасына майда кызыл болуп чыгуучу бөрү жатыш сымал кызамык оорунун аты; *канчөw чыгып, кара ит таладывы?* (балээ бастыбы).

КАНЧУЧУК *тал.* кой союлганда боор, жүрөк ж.б. ич канын алып, ага күрүч, май, боор, калемпир, пияз аралаштырылып жасалган быжы; *канчучук жасап берели ээ?*

КАНЧЫР *тал.* бөрүнүн тили; *ким келет – ким келет, эсенаалы ий, келет, канчырынан кан тамат, тумшугунан май тамат* (таб.бөрү).

КАНЫМСҮЙӨР *чатк.* чар бутактуу келип, кайчы жалбырак алып, анысы майда ара тиштүү болуп, тоголок аш алган өсүмдүк; *канымсүйөрдүн ашы бышканда карарып кетет.*

КАНЫН *зам.* эреже; *сиздин эйткәндәриңиз мен үчүн канын, ата!*

КАНЫТ *ыск.* кепке кандырып, ыраазы кылып, түшүндүрүп сүйлөп берүү; *ой, кепке бир канытып жыргатчы.*

КАҢ I *батк.* дел, дал; *өзүм каң болуп турсам, башың иштевесе көзүңө зор келет дейт* (эчтеке иштебей тиктеп олтура бересиңби).

КАҢ II *пам.* кабар; *балам окувдан келет деп каң уктум.*

КАҢ III *жетг.* ашкана үйдүн ичине асты көңдөй, үстү бүтөө текче; *бизде каң дуңган туугандарда болот.*

КАҢАТЫ *батк.* жаңгактын тышы жылмакай, сөөгү жука, өзү чоң – чоң болуп, тоголок келген, оңой чагыла турган сорту; *канатыны чагыш жеңил.*

КАҢГААЛ I *жжол.* 1. узун бойлуу, бүркүт кабак, айгыр жаак олбурлуу; *каңгаал келген, иреңинде саал чаары бар киши*; 2. *ноок.* комсоо; *кангаал көрүнөт, китирейиңки тартып калыптыр; 3. өзг., суз.* катиңки; *каңгаал жүзү түнөрө түштү.*

КАҢГААЛ II *пам.* ыйлаак; *каңгаалынды бешикке сал.*

КАҢГАЛ *батк.* ээрдин эчтеке капталбай жөн жасалган бир түрү; *ак каңгал, каптама деген эгер бар.*

КАҢГЫР *пам.* ээн талаа, чөл; *ал кангыр болгон жер.*

КАҢГЫРТ *ноок.* 1. уу – дуу, күбүр – шыбыр; *кангырт довуш тәңги ичиге тараптыр*; 2. *чатк.* үн чыгаргандык; *каңгырт кылды.*

КАҢДА *чүй.* боз туман басып күңүрттөө; *күн каңдады го, бир аз жаар бекен?*

КАҢДАК *өзг.* күн ысык тартып, айлана кеберсип кубарып турган учур; *айыл ээнсиреп, күн каңдак тарткан кез экен.*

КАҢДООР *кочк.* капкандын серпөөрү; *эки колго бир иш, эрте туруп, кириш дейт, коңдооруңду бүтүрө сал.*

КАҢДЫ I *зам.* тегиздеп, ныкталып урулган, катырылган такыр; *жерди уруп катырса, каңды дейт.*

КАҢДЫ II *зам.* чылгый тери капталган ээрдин түрү; *каңды калвай калды.*

КАҢЗА *пам.* канжа; *аган каңзасыны жоготуп жүгөрөт.*

ҚАҢКАЙ I *чүй.* коңуздун кабыгы; *кararган менен карга эмес, үстүндөгү каңкайы кararган менен мүлк эмес* (таб.коңуз).

КАҢКАЙ II *пам.* кекирейүү; *каңкайганга каңкайгын башың көккө жеткиче.*

КАҢКАЙМА *ыск.* ооз ачып, бирдемени байкабаган; *жаңкы кайкайма кайра жүрөт?*

КАҢКАСТА I *кочк.* же өтө ысып жаан жаабай, же бүркөлүп, жаан көп жаап бузулуу; *быйыл күн каңкастап жыл кыйын болду.*

КАҢКАСТА II *ноок.* кайсалоо буйдалуу; *кеталбай каңкастап жүргөнсүдү.*

КАҢКЫ I *суз.* 1. туяксыз, тукумсуз; *каңкы чокусунан башка эчтемеси жок*; 2. *жерг.* ачык ооз; *көп сүйлөгөн каңкы адам экенсщ деп койот.*

КАҢКЫ II *ноок.* быкшуу, жыт чыгуу; *майды эритпесе каңкып кетет.*

КАҢКЫЛДАК *жжол.* ажаан; *камчы тийвес каңкылдак, чымын тийвес чыңкылдак.*

КАҢСЫК *суз.* бир нерсенин бузула баштагандагы коңурсуган жыты; *каңсык жыт чыгып турат.*

КАҢТАРГА *батк.* кыш башында кара жамгыр жаап, жер бетине жылгаяк муз катып, малды чөптөн каңтарып койгон учур; *каңтарга кыйын болот, малды чөптөн каңтарат дейт.*

КАҢШААР I *батк.* бош, ээн; *үй ичи каңшаар, эч ким жок.*

КАҢШААР II *чүй.* 1. каңылжаар; *койуу тутүн каңшаарды кытыгылайт*; 2. *өзг.* бүркүттүн тумшугундагы өзгөчө кара тагы бар бир түрү; *от менен ойново, орунсуз күлүп жайнава дегендей кара каңшаар менен ойново.*

КАҢШААРЫК *лейл.* "гүw" менен бөлүнүп алынган май; *каңшаарыкты сызгырсак, сары май дейвиз.*

КАҢШЫК *лейл.* идиштин ичине токтогон кир – сир; *гүвүнүн каңшыгыны жуwду.*

КАҢЫЛТЫК *жумг.* көрпөчө, көпчүгү жоктук; *каңылтык ээр, как токум.*

КАҢЫЛТЫР I *жжол.* көздүн астыңкы, үстүңкү жапкакчасы; *көздүн алдындагы каңылтыр.*

КАҢЫЛТЫР II *пам.* 1. коңурсуган жыт; *буту тердеген каңылтыр экен*; 2. *жерг.* кийимге жугуп жалтырап калган кир; *каңылтыр болгон кийимди кийве*; 3. какач; *мүрсүгө каңылтыр түшүптүр.*

КАҢЫЛЫШ *суз.* каңырыш; *карыганда кулак каңылыш угат.*

КАҢЫР *тал.* укмуштуу; *түшкө кирет жомоктогу каңыр айак.*

КАҢЫРАЙ *жжол.* теңирейүү; *каңырайып кайда баратат?*

КАҢЫРТ I *батк.* 1. жаңгактын мөмөсү орто тоголок алып өскөн түрү; *каңырт чукумага караганда жакшы да*; 2. *өзг.* жаңгактын бышып, кабыгынан өзү ажырап калган учуру; *жаңак каңырт болду.*

КАҢЫРТ II *жжол.* элес – булас

көрүнгөн караан; *чоочун каңыртты тиктеп калды.*

КАҢЫРЫК *ноок.* кардыккан үн; *доошу каңырык чыкты.*

КАҢЫТ *ноок.* дел кылуу; *кәлдәңди каңытат.*

КАП I *батк.* кен; *Баткенде кап бар.*

КАП II *чүй.* бук; *кап болуп турам.*

КАП III *пам.* жатын; *кавы башкалар илгери о кан ичкендер*;

КАП IV *тал.* 1. бешиктеги баланын бутуна ороло турган кездеме, төшөк; *бутун айак кап менен ороп кой:* 2. *өзг.* шырдактын ортосуна салына турган, "аяк кап" деген буюмдун элесин берген чоң оюмдун бир түрү; *айак капты сала алваса, көкөсүн тааныт* (алласын оозуна келтир) (кээде "айаккап ойум" деп да айтылат); 3. ар кыл нерсе, же жер – жемиш салып алуу үчүн жасалган таар баштык; *айак капка толтура алма салып келдик*; **бел кап** *жжол.* чөнтөк; *бел кавын зорго толтурган;* **кол кап** *жерг.* мээлей; *маңа кол кап жасадыңызбы?*

КАП V *жжол.* ойго келүү, акылга кирүү; *акылына эчтеме каппай, башы кеңгиреди*; ◊ **кайырмагың каптывы**? *жерг.* жолуң болдуву? *кайырмагың каптывы, эне, ишиң бир ривәж таптывы, эне?*

КАПА *ал.* капкан; *кийик кандай түшөт капага?*

КАПААТТАН *чүй.* бирөөнө каарданып – кейип сөз айтуу; *эрине капаатганып балдарын сооротту.*

КАПАГӘЗӘКТӘ *зам.* кабылдоо; *жәрәси капагәзәктәп кетиптир.*

КАПАГЕРЧИЛИК *батк.* капачылык; *ол нооват күткөнгө капагерчилик бовосун.*

КАПАЙАН *ноок.* жыгачтан жасалган орундук жай; *капайанга тиги көчүк басты.*

КАПАЛ *батк.* кирпич; *балдар капал күйүп жатат.*

КАПАЛАК *өзг.* чочуп кеткенде айтылчу сырдык сөз; *капалак, кармап жечүнү берведи го* (мал көчкөндө сый өндүрүп калуу).

КАПАЛАҢ *лейл.* капалуу; *капалаң – пешкул, карды жарык эшкул*; (таб.напреч).

КАПАСЛЫ *жерг.* ичи көңдөй, учтарына тоголок – тоголок мончок коюлуп, боз үй сымалдантып жасалган күмүш кооздук; *капаслы дегенди кулакка тагат.*

КАПАЧЫ *чүй.* кызылча казгыч күрөкчө; *Чүйдө кызылча казганды капачы дейт.*

КАПЕС *түшт.* капас; *бөдөнө капеске камалат*; **тәк капес** *батк.* капастын астына коюучу буюм; *тәк капести жасап бер*; **тоок капес** *суз.* тоок камай турган жай.

КАПКА I *алб.* 1. капчыгай; *капкага чейин көп бар*; 2. тоо ичиндеги ыктоо жер; *капкага кирип барсак, шамал тийвес.*

КАПКА II *пам.* бешиктин күлтүгү; *о бешиктин капкасыны билвесең, өөзуңду жел алсын.*

КАПКА III *жерг.* 1. жапайы айбандарды кармоо үчүн мергенчилер тарабынан аң көп жүрүүчү жерге казылган оюк; *капка казып, үстүнү жашырып, кык сээп койоттор*; 2. капкан; *мен капка койуп бир кийик алдым*; **койон капка** *пам.* капкандын кичирээк бир түрү; *койон капканын да түндүгүгө кийизден күлтүк көктөйт*; **кашкар капка** капкандын жөнөкөй жасалган бир түрү; *кашкар капканын түндүгү, түндүгүгө бекитилген эки жаагы, жаакты беките турган чеге жана эки харысы болот.*

КАПКААК *батк.* кабанак; *кичине күчүк кәттәрсә, капкаак босун деп аталасыга кошуп береттер.*

КАПКАК *ыск.* бала төрөлгөндө аны менен бирге түшкөн тон кабыкча; *капкагы менен төрөлгөн бала бактылуу болот дейт.*

КАПКАЛДЫРЫК I *тал., түшт.* 1. чөнтөктүн капкагы; 2. *тал.* каптырга; *ээрдин капкалдырыгы бар бекен?* 3. *тал.* туш кийиздин ортосундагы, бурчундагы кичинекей жабыкча; *туш кийиздин капкалдырыгы кооз экен.*

КАПКАЛДЫРЫК II *чүй., сейр.* капкан; *капкалдырыкты тоого алып кетти.*

КАПКАН: кандуу капкан *чүй.* тогуз кумалак ойнундагы жетинчи үйдүн аты; *кандуу капканга өткөндө ат кеттини чалып калды*; **жер капкан** *алб.* кашкулак баткыдай кылып жерди казып, үстүнө чөп таштап коюп, ал келип түшүп кеткенде, аны чаап алуу жолу; *суw сугарып жүрүп, жер капкан көрдүк.*

КАПКАЧЫ *батк.* капканчы; *капкачы бир капкан койуптур.*

КАПКЫЧ *зам.* казандын бетине жабыла турган буюм (капкак, тактай чий); *капкычты унутуп койво, жапып кой.*

КАПСАЙТ *ал.* үрпөйтүү; *кавырга жүнүн капсайтып, беш тырмагын арсайтып.*

КАПСАЛАҢ I *пам.* өңүт; *капсалаңга жетип бир атты.*

КАПСАЛАҢ II *батк.* капарсыз; *капсалаң туруп калыпмын.*

КАПТА *ноок.* үстү – үстүнө ичирүү; *кымызды удаама-удаа каптап жиберди.*

КАПТАЛ I *ноок.* жалкоо; *ол капталдын кирпиги катып каган* (уйкудан көзү ачылбайт)

КАПТАЛ II: каптал жейде *тал.* улгайган кары эркектер кийчү узун ак көйнөк; *каптал жейденин алды ачык, жакасы эки кат жука чапандыкындай.*

КАПТАР *базк.* канаттуу жей турган жем; *каптарды капаска сал.*

КАПТҮРКЕП *жерг.* чикит ойнунун кырдаалы анча көп болбогон бир түрү; *каптүркептен жазык кылвай ойно.*

КАПТЫК *кочк.* бир нерсени өз өлчөмүнөн ашыра сузуу, сугунуу, салуу; *жыгач күрөккө каптыктыра топон сузуп алды.*

КАПТЫРГА *түп, тоң.* 1. ээрдин алдына коюла турган жука, кийиз, таар; *ээрине каптырга жасап отурат*; 2. *тяньш.* желдик; *желдикти каптырга дейвиз*; **кол каптырга** *атб.* көчкөндө төшөк же жуурканды тоголок, сүйрү кылып чырмап, ага жаш баланы отургузуп алгандагысы; *кол каптырга байлап, баланы ошонун үстүнө алып жүрөт.*

КАПЧА *өзг.* кичинекей капкан; *кара кийикке капча койвойт.*

КАПЧЫК I *пам.* 1. чөнтөк; *о киши капчыгыга кол салды*; 2. *акт.* намыян; *капчыгымды былтыр меке шуушаң болгон кезде жоготуп живергем.*

КАПЧЫК II *акт.* ийленбеген тери; *бугунун капчыгын тең бөлүп алат.*

КАПШААР *тал.* кашпап; *сандаган санаалардын капшаарында.*

КАПШУWУР *пам.* боз үйдүн керегесинин биргелешкен жери; *капшуwурду капшырдым.*

КАПШЫРТ *пам.* боз үйдүн капшыты; *мончокту капшыртка илди* ("капшыр" болуп да айтылат).

КАПШЫРУWУ *жерг.* элек, калбырдын алкагынын мык, кайыш менен бекитилген жери; *элгектин капшырuwуну бүтүрдү.*

КАПЫЙА *акт., ттороо., күл.* какшык, кекээр, мыскыл, шылдын; *капыйага калыптыр.*

КАПЫЙАЧЫЛ *суз.* чымчып сүйлөгөн, тамашачыл; *капыйачыл кишинин гәви курч келет.*

КАПЫҢ: капың – күпүң *тоң.* далалат, демилге; *капың – күпүң көрсөтпөдүмбү.*

КАПЫС *жерг.* 1. бийик жер; *хо анавы капыстан карап турсаң көрөвүсүң?* 2. тоо боорундагы жантайма; *капыстагы кара арчаны карач.*

КАР I *алб.* буюм, нерсе; *канжыгасына кар байлабаган сыпайы.*

КАР II: кар – кар *жжол.* мончок – мончок кеткен (тер); *тилине эчтеме кирвей, тери кар – кар кетти.*

КАРА *зам.* 1. кара чыйырчыктын бир түрү; *караны кай бирде кара торгой эм дейт*; 2. бута, кароол; *кара коюп аттырды*; 3. *өзг.* улак тартканда көкбөрүнү таштоо үчүн белгиленип коюлган жер; *көкбөрүнү карага ташта*; 4. кары учурулуп, ачылып калган жер; 5. *жерг.* ара туулган төл; *жети айлыгында кара туулган*; 6. *өтм.* зыян, залал; *менин карам тийвейт*; 7. *батк.* карачкы; *капка койдум уларга, кара кылдым шуларга*; 8. *батк.* улак тартканда коюлган чек жерде турган адам; *бир кишини кара койот*; 9. *тал.* эгиндин биринчи сугаты; *эгиндин карасын басып бүттүңөрвү?* **энжйән кара** *өзг.* жүзүмдүн өңү кара, тоголок келген сорту (бул сорт Анжиян тараптан чыккан деп эсептелет); *энжийән карадан ал*; **кара арча** *зам. жерг., ноок.* жерге жайылып, жабышып өскөн арчанын түрү; *Катырчыда кара арча бар*; **кара качкан** *жерг.* кандайдыр бир психологиялык өзгөчөлүгү бар киши; *кара качканга лэйрэн болду*; ◊ **кара бүүү чыкты** *жжол.* оолукма ачуусу тарады.

КАРАА *жжол.* сүйөнүч, таяныч; *ичинен караа тутуп калган.*

КАРААЛ *жетг.* чен; *бу сага караал жок экен го.*

КАРААЛДАШ *кочк.* бири – бирине туташ салынган; *караалдаш салынган боз тамдар.*

КАРААЛЧЫН *жжол.* кара көк түс; *сүүдүн бири караалчын, бири түвүнөн таш көрүнгөн аппак.*

КАРААЛЫ *лейл.* кара өрүктүн тоголок келген бир түрү; *караалы бервесе, Үч – Коргондон көрүшөт бедең?*

КАРАВАК *батк.* сабагы ичке катуу келип, майда бутак алып, бутактары жан – жанына чачырап, ичке, кичине тикенекче алып өскөн өсүмдүктүн аты; *кызыл отко караганда каравак катык келет.*

КАРАВАКТЫ *жерг.* өз учурунда турмуш курбай кечигип калган адам; *каравакты капшырдагы саваага бар.*

КАРАВАЛЫК *ыск.* маринка; *Түптүн суусунда каравалык болчу эле.*

КАРАВАРАН *түшт.* карааң, элес; *караңгылыкта караваран көрүнө баштады.*

КАРАВАРПЫ *тал.* 1. өңү каралжын келип, мал жебей турган уулуу өсүмдүктүн аты; *караварпы Чаткалда да, Таласта да өсөт*; 2. *чүй.* өңү кара бүркүттүн бир түрү; *караварпы айланып өтүп кетти.*

КАРАВАШ *пам.* 1. өзөгү чий өндөнүп катуу келген, бою 15 – 20 см. өскөн, башына кара – кара тоголок алган өсүмдүктүн аты; *каравашты чөптүн эркеги дейт*; 2. *батк.* кажырдын өзү кичирээк, башы кара келген бир түрү; *кажырдын кара башына издетет;* 3. *ыск.* каркырасы жогдорлуу келген, башы кара бүркүттүн бир түрү; *гүлдү сүйвөсөң – тикенди сүйөрсүң, каравашты каалавасаң – чымчыкты кааларсың.*

КАРАВАШЫЛ *батк.* 1. жыландын узундугу бир метрдей келип, башы каралжын тарткан бир түрү; *душмандын тышыда эмес, ичиде бол дегендей каравашылды ордосудан көр*;

2. *пам., өзг.* тамырында тоголок – тоголок бүдүрү бар өсүмдүктүн аты; *балдар каравашыл теревиз дешти*; 3. *өзг.* чокусунда каралжын жүнү бар бүркүттүн түрү; *бүркүттүн каравашылыны билвесе, ит терисини баашыга каптай веде?* (адебин таанытат беле).

КАРАВЕЗГЕК *батк.* кол – бут шалдырап ысып чыккан оорунун аты; *каравезгек тамам жойулду.*

КАРАБӨРК *атб.* бүркүттүн чокусу кара келген бир түрү; *каравөрктөй бүркүт барвы дейт да.*

КАРАВУЛ *жерг.* кароол; *каравул дөвө.*

КАРАВУРА *чүй.* суу сугарганда анын агынын экинчи жакка буруу үчүн чөптөн боо кылып жасалган тосмо; *каравура жасап алып, сугарсаңар тегиз сугарылат.*

КАРАВУРАК *батк.* топудай тегерек келип, майда тикен алып, мал жей турган, кичине – кичине гүл чыгарган өсүмдүктүн аты; *каравурак отуну – кайнап чыгат түтүнү.*

КАРАГАЙЫҢ *базк.* даамы ачуу майда мөмөсү бар дарак өсүмдүктүн бир түрү; *карагайыңдын мөмөсү желвейт.*

КАРАГАН *лейл.* караан; *биттә караган кетип бараттар.*

КАРАГАНАТ *чүй.* таланып – тонолуп калгандык; *илгери элди караганат кылган, эми жыргап жатавыз.*

КАРАГАЧТЫ *жерг.* куучу; *карагачты кетти веде?*

КАРАГӨЗ *жжол.* кара кылдан жасалган тузак; *кара жер болсо, карагөз жасайт.*

КАРАГҮЛ *базк.* кароол; *шондо мени йәм пахта сарайга карагүл кыган.*

КАРАГҮЛЧҮ *тал.* кароолчу; *карагүлчү келди, кокуй, тес төшөк сал, орун бошот.*

КАРАГУРТ *ноок.* өңү каралжын келип, бүр алып өскөн өсүмдүктүн аты; *аксокто, карагурт жулуп келип жедирем.*

КАРАГЫЗ *ыск.* майда кара тоголок жабышкагы бар тикендүү өсүмдүк; *багалегине карагыз ширелип калыптыр.*

КАРАГЫЛТЫРЫК *суз.* каралжын кылкан чыгарган буудайдын сорту; *карагылтырык оруп жатып берип берең болгуча, бервей сараң бол деген экен.*

КАРАГЫЧ *зам.* балык жеп тамактана турган канаттуунун аты; *балык карагычты көрөвүз деп жолго чыкты.*

КАРАЖ *түшт., эск.* илгери дыйканчылыкта алынган түшүмдүн бештен бир бөлүгүнүн салык катары берилгендегиси; *караж төлөтпөй койвогон* (азыр бул көрүнүш жоюлган).

КАРАЖАТ *түшт.*, эск. илгери бир жерден экинчи бир жерге көчкөн кезде алынган салык; *каражат деген бир бәләә да болор эле* (азыр бул түшүнүк эскирген).

КАРАЖОН *пам.* курсагы ак, жону кара балыктын бир түрү; *каражон агын сууда жүрөт.*

КАРАЗАҢ *батк., лейл.* 1. саздак жерден же минералдык зат жетишпегендиктен ооруп, кургап калган өрүк көчөтү; *зат жетишпесе каразан болот*: 2. жибек куртунун карарып кете турган оорусунун аты; *пилләнин курту йәм каразаңдан өлөт.*

КАРАЙ *жерг.* капкара; *карайлар чәчиң жәрәшәт.*

КАРАЙГЫР *өзг.* өңү кара келип, бирок үн чыгарып сайрабаган, көбүнчө таруу же таруу сымал бүр жеген канаттуунун аты; *карайгыр тарыкты жакшы көрөт.*

КАРАЙКЫ *өзг.* 1. элес – булас көрүнгөн караан, көрүнгөн элес; *шол карайкыга овара болуп барып келдим;* 2. *жерг.* эш; *жаныма жатса, карайкы болор.*

КАРАЙЛА *кочк.* 1. уюлгуу; *эгин карайлап чыкканда;* 2. *пам.* бирөөгө таяна иш кылуу; *әкәсини карайлап окуwга кетти.*

КАРАЙТКЫ *өзг.* караан; *бир–эки тамдьн карайткысы көрүндү.*

КАРАЙТМА *жжол.* жоро – бозодо идишке куюлган бозону бир тамчысын калтырбай бүт ичүү; *карайтма дегенде кесенин түбүндө бир тамчы да калбайт.*

КАРАК I *суз.* тоногуч; *характын сөзүнө кирбей койот.*

КАРАК II *батк.* чырак, медер; *карагым, эмне өңөрттүң.*

КАРАК III: ала карак *батк.* жаталак оорусунун бир түрү; *ат ала карак болсо, минип алып чават.*

КАРАКАН *батк.* 1. көк зоолордо өскөн гүл өсүмдүктөрүнөн жасалган дары; *караканды тамак илдетиге колдонот;* 2. көкнарынын сүтү; *көкнарынын караканы йәм дәри.*

КАРАКАШ *батк.* бою кичине келип, кычыныкындай майда жалбырак алып, анан кичине, тегерек сары гүл ачып, гүлүнүн түбү тунук кара темгил келген өсүмдүктүн аты; *каракаш бош, карагөң жерде өсөт.*

КАРАКЧЫ *пам.* 1. «мөwрөй» ойнундагы биринчи таштын аты; *Орто–Өтөктө ойноп, мөwрөйүн бир атканда каракчысы учуп кетти;* 2. *чүй.* жүгөндүн көз тушуна келүүчү жерине тигилген жазы булгаары; *асоо аттын жүгөнүнө каракчы тигилет.*

КАРАЛ I *пам.* 1. бойго жеткендик; *кыз он бешке киргенде каралыга жеткени;* 2. *зам.* өлчөм, эсеп; *улактын каралы бовойт, төр жүз–беш жүз адам чават;* 3. *пам.* максатка жеткендик.

КАРАЛ II *жжол.* кароол; *карал болуп иштейт экен.*

КАРАЛ III *зам.* чечим; *кыркын сындыруу болвосун деп карал кылат* ("карар" болуп да айтылат).

КАРАЛА I *батк.* кийимдин бир түрү; *адрес, пашайы, карала деген кийим болот.*

КАРАЛА II *ноок.* күйүп – бышкандык; *жаны карала боло түштү.*

КАРАЛГА I *ал.* бирөөнүн колунда иштеген адам; *илгери каралга жүргөн экен.*

КАРАЛГА II *жжол.* үйдүн улагасына байланган козу – улак, музоо; *үстүндөгү үй атага да, балага да, улагадагы каралга да тең.*

КАРАЛЕ *пам.* карасаң, көрсөң; *бой–бой, эже, карале Розаны.*

КАРАЛЖЫ *алк.* көз сала турган адам; *каралжым болсо Ошко барат элем.*

КАРАЛЖЫНДА *жжол.* ылайлануу; *суw каралжындап көзгө агымы илээшпейт.*

КАРАЛКЫ *түшт., эск.* малай; *илгерки каралкылар эми түк жок* (бул түшүнүк эскирген).

КАРАЛТ *ал.* азап, кыйноо; *биз илгери байлардын каралтыда жүргөнбүз.*

КАРАЛЫ I *лейл.* каралда, сүйөнүч, таяныч (көбүнчө балага карата айтылат); *караламан болсо йәм каралы.*

КАРАЛЫ II *лейл.* «гайноолу» деп аталган жемиш өсүмдүгүнүн бир түрү; *каралыга барсам, карайгыр учуп жүрүптүр.*

КАРАЛЫК *батк.* өңү кара тоголок мөмө байлаган жемиш өсүмдүгүнүн аты; *каралыктын мөмөсүнүн жарымы кара, жарымы сыйа түстө болот.*

КАРАМ *пам.* арам; *карам–сарам эде ойной берет.*

КАРАМА I *акт.* мештин тулкусу; *кара мештин карамасын ортого салчу.*

КАРАМА II *батк.* күн батыш; *зыгырыңды кам ордумбу деп карамага бет бурду.*

КАРАМА III *зам.* эки көзү тең көр; *карама болуп каганыга анча өттү.*

КАРАМАЙЛА *батк.* карбаластоо; *карамайлап–карамайлап кетти.*

КАРАМАК *батк.* менчик мал; *карамакка кетиппи.*

КАРАМАЛ *тал.* кийик, элик – теке; *towдун карамалын сакташ керек.*

КАРАМАШ *батк.* карта ойнундагы карга; *алтынын карамашыны жүрдүм.*

КАРАМТЫЛ *батк.* кара сымал өңдүү түс; *карамтыл экен, башка түстән көвүрәәк экен* ("карамтыр" болуп да айтылат).

КАРАМЫК I *өзг., батк.* кычы; *карамыктын даны болгуча, буwдайдын сабагы бол.*

КАРАМЫК II *карс.* каралжын; *өңү карамык тартып калыптыр.*

КАРАМЫК III *чүй.* кармалып калуу; *тамакка карамыгып калышты.*

КАРАМЫСКА *жерг.* кичине, кара кумурска; *карамыска жерге батпай кеткенби?*

КАРАНАС *пам.* кара санатай; *каранас күнү жол болову?*

КАРАҢ I: караң чымчык *суз.* таранчы; *бу караң чымчыктарды кайсы кара көпөлөк айдап келди.*

КАРАҢ II: караң баткыр *ноок.* жек көрүү, каргоо маанисинде айтылуучу сырдык сөз; *о, каран баткыр, жүр тезирәәк!;* **караң калгыр** *өзг.* айраң таң калуу маанисин билдирүүчү сырдык сөз; *мен бир нерсеге караң калгыр болдум.*

КАРАҢГЫГЕРЧИЛИК *батк.* караңгылык; *ону караңгыгерчиликте тавып бовойт, энди ити–куштан тынч богой эде.*

КАРАҢГЫЛАШ *батк.* күүгүм; *мен караңгылашта ону таанывай калдым.*

КАРАҢДА *кочк.* тээ алыстан үлбүл – үлбүл болуп көрүнүү; *караңдаган ал оттогон малга окшойт.*

КАРАП I *лейл.* ичи тар; *ол онон да карап.*

КАРАП II *батк.* көздөй, карай; *шоропко карап кеткен.*

КАРАПТА *ыск.* бузуу, талкалоо; *сары үкүнүн кавылганын караптап.*

КАРАР *ноок.* бой токтотқондук, чыйрала түшкөндүк; *карар тап да, каралык–каралык, ол әкәси даралык дей бериң.*

КАРАРПА *батк., өзг., зам.* арпанын өңү карамтыл, муруттуу келген жергиликтүү түрү; *карарпа эженде жок болчу.*

КАРАРТКЫ *батк.* өсүмдүктүн тамырынан жасалган кара боёк зат (аны менен тери өңдөлгөн); *мана шонун тамырыдан карарткы жасашган* (караткы кымыздыктын тамырынан, жаңгактын сөөгүнөн жасалган).

КАРАСАН *батк.* 1. пилла курту өтө тоюп, куту оробой ооруп калгандагысы; *пилләнин ичиден карасан дә болот;* 2. өрүк быша баштаганда көп суу ичип, мөмөсүнүн ичи бошоп, карарып, даамсыз болуп калгандагысы; *өрүк карасаң болсо, жерге көп түшөт;* **карасан ата** *миф.* эчкинин пири.

КАРАСУW *лейл.* 1. килемдин «жапайысы» иретке келтирилип, үч – беш аркак өткөзүлүп токулгандан кийин анын чекесин бут айланта кара түстө түшүрүлгөн түр; *карасуwну түштөн кийин баштайбыз;* 2. *зам.* «пышманы» кайнаткандан кийин

тунуп калган сары суу; *пышманын карасуwун көрсөт;* 3. *зам.* каймактан бөлүнгөн суюгун кайната бергенден кийинки түрү; *каймактын суwу көп кайнаса, карасуw делет*; 4. эгиндин адепки биринчи сугаты; *эгиндан карасуwу бүткөн.*

КАРАТАЛ: караталдай бовой өл *карс.* окшошпой жерге кир.

КАРАТАР *чүй, эск.* жылкынын семирген кези; *каратар болуп мал семирди.*

КАРАТИКЕН *тал.* туздун буурчактай же бармактай болуп талкаланбай калган кесеги; *туздун каратикени болсо, алып келчи.*

КАРАЧА *жжол.* чөл жерлерде жашоочу торгойдун бир түрү; *карача көп жүрөт, сайрайт* (кээде "карача торгой" деп да айтылат).

КАРАЧАВАЙ *жумг., эск.* илгери аялга кийгизилген аза кийими; *карачавайды бир жылдан кийин «ак жалгасын» деп алып салган* (бул көрүнүш азыр эскирген).

КАРАЧЕКЕ *жерг.* тоонун шагылдуу жеринде өсүп, аш ала турган жыгач өсүмдүгүнүн аты; *Шомон, балдар менен ойногончо, барып карачеке терип кегилечи!*

КАРАЧЫК *ыск., сейр.* жаш бала; *карачыгым, дүйнө капар.*

КАРАЧЫРАК *батк.* тиштин карарып, чирип ооруган оорусу; *карачыракты койдун дүмбөси менен отко ысытып дагдайт.*

КАРАШЛА *лейл.* жүндү тыкыс, такыр кыркуу; *о жүндү карашлап алган.*

КАРБАЛАА *пам.* балакет; *көр кәсәсини бир мәртә жоготот дегендей карбалаа болвосун.*

КАРГАГАНАТ *ал.* карганын канатын элестеткен сайма, кештенин аты; *онусу – кекилик каш, мунусу – каргаганат.*

КАРГАЙАК *зам.* 1. жалбырагы ачаланып, карганын тырмагын элестеткен өсүмдүктүн аты; *каргайакты көрсөтсөм да жегеним меники, чәйнәгәним гүмән дейсиң го;* 2. ошол өсүмдүктүн элесин же үч ачаланган чолок салааны элестеткен көчөттүн аты; *ачты–токту көрвөсө жок кадырыны билвейт дегендей өзү каргайакты сайваса, кеште кадырыны биле веде?* (кай бир жерде ал "карга бут, карга бутак, тоок бут, карга тырмак, үч бармак, тәл бәрки" деп ар башка синоним менен айтылат).

КАРГАЗАҢ *өзг., эск.* "канымпааша" ойнунда чекеден ылдый суу агызып жазалоо ыгы; *каргазаң жазасын колдонбой калды.*

КАРГАШ *зам.* карышуу; *урушуп, каргашып калдылар.*

КАРГУН *жерг.* ууз, же жаңы каймакты чала кайнатып, ун сээп, бир аз бышырып жасаган тамактын аты; *балама каргун кылып бердим.*

КАРГЫ *өзг.* чапкынын моюн сашка бекиткен шакекче темири; *чапкыда каргы болот*; **каргы бow** *эск.* илгери жуучулар келгенде кыз атасына берилген сый; *каргы бow берчи экен, энди ондой жок.*

КАРГЫМАК *пам.* 1. жер менен жер болуп чыккан өсүмдүктүн аты; *каргымакты айдың түн эмес, күндүз да зорго байкайсың;* 2. көйнөктүн жакасына, баштыкка ар кыл жибек жиптен сайылып түшүрүлгөн сайманын аты; *каргымагы бар халта экен.*

КАРГЫС *чүй.* мал жебей турган, жумшак өзөктүү келген, тарбайып өскөн өсүмдүктүн аты; *каргысты чаап, жерди тасалап кой.*

КАРГЫШ *лейл.* топ чүкөнү ортого калчап, алчы – тааларын утуштуруп ойногон чүкө ойну; *каргыш ойнуда ашыкты ортого салат.*

КАРДАН *лейл.* оркойгон көрүнүш;

кара бийе кардан этти, кавыргасы дардаң этти.

КАРДАРДУУ *түп.* колунда бардар; *кардардуу жерден кайын күтсө, кара жерде кеме жүргүзөр.*

КАРДАШ *өзг.* тууган; *ал кишилер да бизге кардаш болот.*

КАРДҮМБӨ *зам.* башка жерде көп жолуга бербеген, тоголок – тоголокчосу бар өсүмдүктүн аты; *кардүмбөнүн түсү калай болот?*

КАРДЫ: карды–күрдү *суз.* опур – топур; *некаанда карды–күрдү болуп кетет.*

КАРДЫГАЧ *пам.* карлыгачтын канатынын элесин берип, эки түрдөнтүп, татаал сайылган көчөттүн аты; *кардыгач канатты жөн эле билет.*

КАРЖААН *пам.* лапылдап жаап турган бурганак; *каржаанда Ак–Байталга баралвайт.*

КАРЖАН *ноок.* күч алуу, өрчүү; *барган сайын каржанат?*

КАРИЙЕТ *батк.* өлүк учурунда чыгымдалган расход; *карийет деген бовой койвойт.*

КАРИК *тал.* кароо, сараң; *карыганда карик болгон экен девесин.*

КАРКАМЫШ *жерг.* камыштын ичке, узун өтө бышык келген бир түрү; *зәвирдин бойудан каркамыш оруп кел.*

КАРКАНАК *батк.* өңү боз кичирээк канаттуунун аты; *карканакты кармап таптаса болор беде?* ("каркенек" болуп да айтылат)

КАРКӨМҮW *ноок.* илгери адыр жерлерди айдоо үчүн суусуз жайларда кыш бою кар топтоп, аны жаз айларында пайдалануу жолу; *илгери о каркөмүw деген болот эде.*

КАРККУРК *ыск.* топ балдардан бири «эне», бири «бала», бири «бөрү», калганы «караламан» болуп ойногон оюндун аты; *Орто–Токойдо отун жок, Кетмалдыда көсөө жок девей карккурк ойноп койовуз.*

КАРКЫНДА I *тал.* аябай кана тоюу; *кымыска каркындагандан кийин жавылып тышка чыктык.*

КАРКЫНДА II *тал.* козголуп дүрбөй түшүү; *эл каркындай түштү.*

КАРКЫРА I *жжол.* кош этек көйнөктүн кайырма, бүкмөлөрү; *каркырасын кайырвайт, жигиттен көзүн айырвайт.*

КАРКЫРА II *ыск.* чоң жыгач табак; *каркыра гана сунуп, кылган ишине найза бойлобойт* (кээде "каркыра табак" деп аталат).

КАРКЫРА III *атб.* күүлөнүү; *качырып кирсе каркырап, карала туйгун шуңкардай.*

КАРКЫРАК *түшт.* каркылдап үн чыгаргандык; *каркырак турналар пас өттү.*

КАРКЫТ *батк.* түйшүк, кам; *өзүңдүн каркытыңды ойло.*

КАРЛЫК I *лейл.* азап; *илгери олордун кардыгыны нечен көргөн.*

КАРЛЫК II *жерг.* үн кирилдөө; *тоwушу карлыгыптыр.*

КАРМА *чүй.* кууруп туруп тегирменге кесек тарткан буудай, жүгөрү талкан; *карманы кургак жей алвайсың.*

КАРМАГЫЧ *ал.* ичик, чапан, тондун этек – жеңи, өңүрүнүн жээктерине бастырылган саймалуу кооз ичке чүпүрөк; *аны тондун кармагычы дейт.*

КАРМАМА *акт.* чыптама; *кармамасын чечип койуп, самоор чайнегин ала чыкты.*

КАРМАП: бир кармап *жерг.* сегиз "чабатынын" бириккендеги бир каттамасы.

КАРМОWУЧ *пам.* 1. чолок жасалган эки кат, жеңил сырт кийим; *кармоwучуну саларда чечип койгон эде*: 2. кычкач; *кармоwуч менен өчүп*

бараткан отту кайра үүлөвө (эски ооруну кайра козгобо).

КАРМОГУЧ *тал.* кармач; *кармогучун алып кетти.*

КАРМЫШ *лейл.* илгери жылкынын соор терисинен жасалган чарык; *өкөwгө бергис бүрөw бар дептир кармышыны бургап.*

КАРМЫШАК *батк.* узак жашаган; *сен качаанкы кармышаксың, дагы ле карывадың го.*

КАРОО *өзг.* чоң өзөктүү камыш; *куда болдук – жуда болдук девей* (эптештик дебей) *кароо алышсын* (кээде "кароо камыш" деп айтылат).

КАРООЛ I *кочк.* короолу; *кароол дегенивиз кичинекей чымчык.*

КАРООЛ II *ноок.* жибек куртунун «пула» орой баштаганын билүү үчүн «кайсардан» сайылып коюлган куурай; *кайсардан кароол сайавыз.*

КАРООЛ III *жерг.* кара өрүктүн бир түрү; *кароол бышыптыр мен келсем.*

КАРООЛО *акт.* ыроолоо; *бир нерсе кароолоп, чай берүүгө дилгир.*

КАРООЛЧУК *чүй.* кароолчу; *малга, жерге кароолчук.*

КАРООС *тал.* 1. чийдин эки башын бекитүү үчүн чырмап согулган бөлүгү; *ийик ийрүw бир тең, кароос чырмоw бир тең;* 2. мурун ок жеп, анан адамга кол салган аюу; *караандай аң улап жүрүп, карооско жолугат.*

КАРӨПКӨ *пам.* балыктын боору кара, өзү чоң, эти желе турган, көбүнчө агын суунун иримине жашай турган түрү; *карөпкөнүн эти жегиликтүw.*

КАРПҮП *лейл.* үпүптүн бир түрү; *кара итим капо, кара кийиз жапо девей карпүптү караң.*

КАРПЫК *чүй.* туйтуна түшүү; *баарывыс карпыга калчувус.*

КАРС I *батк.* өңү ак келип, табактын бетиндей далдайып чоңоюп, жаңы чыкканда кууруп желе турган өсүмдүктүн аты; *ак карс чайыр, шывактын түптөрүгө чымак жерге чыгат.*

КАРС II *лейл.* бир байлам болотной жоолук; *карс салынса жарашат.*

КАРСА *пам.* жылыт; *колумду отко бир–эки карсап алайын.*

КАРСАК I *лейл.* кол, алакан; *карсак чапканнан кийин сыйлык алды.*

КАРСАК II *лейл.* жарык, сынык, тешик; *карды карсак, мурду бурсак, атка минбес, жөө жүрвөс* (таб.чайнек).

КАРСАК III *зам.* бүргө; *караңгы үйдө карсак кәмпир секирет.*

КАРСАК IV *атб.* буту узун, куйругу чолок, куу канаттуу, мойну узун келген жана суу бойлоп, саздуу жерлерде жашаган канаттуунун аты; *карсакты саздак жерден көрөсүң;* ◊ **кайнаваган карсактар** *чүй.* ымыласы келишпеген арамдар.

КАРСАН *алб.* тоодон кулап түшүп, коңулдары көп болгон чоң – чоң корум; *сүлөйсүндөр карсаңдардын арасында да жашайт.*

КАРСКАК *чүй.* карскан; *карскак – электин жыгачы.*

КАРСКАН *пам.* капкандын эки жак тиши; *карскан кармаган бойдон туруптур.*

КАРСКАНДА *өзг.* элөө, калбырлоо; *буудайды карскандап койвойсуңбу?*

КАРСЫЛДАК *батк.* ортон менен бармакты сөөмөйгө карсылдатып ойногон оюн; *кум севүwүсүнү бүтүрүп* (устачылыкта темирди ширетүү үчүн арасына кум сээп туруу учурайт), *карсылдагына кирди.*

КАРСЫНАН *өзг.* сайма сайганда колдонулуучу керме; *карсынан жакшы экен, жип да, кездеме да чатышпай керилди.*

КАРТ I *пам.* кырынды; *согумга сойулган бээнин кардын карт кылдык.*

КАРТ II *ыск., чүй, эск.* чалуу, кесип

кетүү; *жут, ийрегим, жут; карт, ийрегим карт.*

КАРТА I *тал.* айрыкча түз сызыкча кооздугу бар, кээде ортолугуна дөңгөлөк, жылдыз сүрөтү салынган шакек; *картасын жоготуп, камыры ачып кетти* (жаны күйдү, ачуусу келди); **карта меш** *атб.* орто жеринде тамак – аш бышырылгыдай оюгу бар, өзү бийик, алдына от жагылма меш; *карта меш чоң–чоң бочкалардан жасалат.*

КАРТА II *өзг., жерг.* айдоо бөлүгү, участогу; *карта–карта кылып эктик.*

КАРТА III *батк.* маңыз, негиз, түйүн; *гәптин картасы элдүw жерде түлкү өлвөйт дегеңдей дэ.*

КАРТАЛА I *батк.* сөз түйүнүн чечмелөө; *эшикте калвайт эл сыйлаган деген махалды карталап отурду.*

КАРТАЛА II *батк.* «аткарта» аттуу өсүмдүктүн өзөгүн кескилеп, майдалап тууроо; *партаңдын сотосуну карталап торпокко сал.*

КАРТАҢДА *лейл.* картайуу; *картаңдаган кэмпир үргүлдөп кетет.*

КАРТМАН *өзг.* кисе, капчык; *картманыңды карачы, атаңа наалат айттырбачы.*

КАРТМЕК *ал.* карыраак; *ого караганда карткек көрүнөт.*

КАРТӨШ: жер картөш *суз.* тоголок – тоголок түп алган жапайы өсүмдүктүн аты; *жер картөш өзү чыгат, адам жейт.*

КАРУW *пам.* бирөөнүн берген буюмуна же кылган жакшылыгына кайтарган акыбет; *экэ, мен деле бир каруw кайтарармын, шул дүрвүңүздү маңа бериң.*

КАРУУ *ыск.* капкандын жаактарын бириктирип турган тетик; *бу капкандын каруусу бошогонсуп калыптыр;* ◊ **он эки айакка бир каруу** бир адамга бир нече жолу эмгек сиңирип, бир күч суроо деген маани берүүчү сөз.

КАРЧ I *зам.* коон – дарбыздын оозго ылайыкталып кесилген бөлүгү; *ону чаап бервесе йэм көрүwтө кумар эмеспи, алың–алың, карчтан.*

КАРЧ II *батк.* кыйшык; *кездемени кырксам, карч болуп калды.*

КАРЧА *жжол.* чүкө калчоо; *чүкө карчаганда "йов, аа, берекелүw энемүин колу, атышка береке болсун" дейт;* **чүкөнүн карчар башы** *тторо.* ордо ойнундагы чүкөнүн ат ар жак тарабы.

КАРЧАПКЫ *атб.* ар кыл күмүш кооздукка кымкарлап жааган кардын кандайдыр жылдызданган элесин түшүрө турган аспаптын аты; *зергерлердин карчапкы дегенди жасаганынан ашкере чеверчиликти көрөвүз.*

КАРЧЫГАЙ *батк.* карчыга; *карчыгайдын эркеги–чөwдү;* **ак карчыгай** *зам.* карчыга куштун өңү ак бир түрү; *ак карчыгай мен болуп сайравадым сүwсарым;* **карчыгай алмай** *эск.* илгери кызды алганы бара жатканда жолдон тозгондор бышырылган тамактан, болсо кондурган куш, карчыгадан алып калгандагысы; *азыр карчыгай алмай салты жок болду.*

КАРЧЫК *ал.* көздүн кареги; *көзүнүн карчыгы кыйгырдыкыга окшош.*

КАРЧЫМАЙ *жерг.* чакмак таш ойнунда таштарды өйдө ыргытып, анан алаканды сыртына кайрып илип алуу ыгы; *карчымайда беш эчкини бүт илип алыш керек.*

КАРШАН *батк., миф.* карышкырдын пири; *карышкырдын атасы каршан ата.*

КАРШЫ I *атб.* уйгу – туйгу түшкөн, аралаш соккон; *каршы шамал башталвасын да.*

КАРШЫ II *пам.* күчөө, күчүркөө;

үзөңгүдөн өткөрүшкө салам деп каршыды.

КАРШЫДА *пам.* алды жакта, бет маңдай тарапта; *каршыда кызыл кийиктер жайылыш чыга келет; ол тарс бир койот.*

КАРШЫК *пам.* 1. күчөп, күчүркөп кетүү; *сууукта жарасы каршыкып кетти;* 2. *лейл.* бузулуу; *уйкусу каршыкты.*

КАРШЫТ *батк.* каптал; *аттан жыгылып каршытым оwруп калды* (кээ бир жерде "карчыт" болуп да айтылат).

КАРЫ *ыск.* 1. чайдын демдөөсү өтүп кетип, карарыңкы тартып, ачуу болуп калгандагысы; *чайың кары чай тура* (кээде "карыган чай" деп да аталат); 2. *батк.* куйма; *кары кулак айта берет.*

КАРЫВЫ *баткч.* калыбы; *карывы жүз жылдан бери жойулган.*

КАРЫЖЕН *чатк.* жеңи чолок жасалган кийим; *карыжен менен чермий бирби, же башкавы?*

КАРЫК *суз.* алдан таюу, күч кетүү; *кайрат – күчү карыга элек.*

КАРЫГАРАГАН *өзг.* тикендүү келген бадал өсүмдүгүнүн бир түрү; *капчалдын оозунда карыгараган өсөт.*

КАРЫК *лейл.* каражат чыгымдагандык; *мәгәзиндәп карык кылып келейин.*

КАРЫЛА *лейл.* эскирүү; *карылаган боз болдум.*

КАРЫЛЫК *лейл.* пенсия; *карылыкка чыкканыма эки жыл болду.*

КАРЫМДАШ *пам.* катыш, байланыш; *әкәмдер менен карымдаш богон.*

КАРЫМЖЫ *ноок.* акыбет; *эмгектин карымжысы кайтат.*

КАРЫМЧЫЛА кымтылоо; *мени карымчылап жаап кой.*

КАРЫН *чүй.* 1. дың жер бузулганда тегиз болбой аң – дөң болуп айдалып калышы; *дыңыңар карын болуп айдалыптыр*; **ала карын** *тал.* соргок; *көп оттогон ала карын мал*; **козу карын** *тал.* коондун кичирээк жалпагыраак келген бир түрү; *коwундун козу карын дегени йәм бар*; 2. *ыск.* даамы кычкыл келип, майда жалбыраактуу болуп тоодо өсө турган өзөктүү өсүмдүк; *оо, тоодон далай жолу козу карын үздүк ко*; 3. *жерг.* орусча "гриб" деп аталган өсүмдүктүн бир түрү; *козу карын чымакка чыгат, желет*; **төw карын** *өзг.* 1. өзөгү бодур – содур келген өсүмдүктүн аты; *төw карын өскөн жерди билевисин*?; 2. *пам.* орто жери дөңсөө, эки жагы чуңкур келген жер; *тескей жак төw карын*; **эшек карын** *тал.* соргок, ачкорок, чоң курсак; *бул мал эшек карын болгудай*; **карын салды** *батк.* 1. казы байлаган, семирген; 2. *өтм.* жоон моюн; *ол карын салды, өзүнү көтөрөт.*

КАРЫНДАШ *өзг.* тууган; *анын атасы менен карындаш эдем;* **кыш – карындаш** *жерг.* жек – жаат; *кыш – карындаш бәәри келди.*

КАРЫП I *ал.* узунунан, кыйгачынан, айкарасынан; *постунду үстүгө карывынан тәштәң.*

КАРЫП II *жерг.* жакын; *бара бериң, карып эле калды.*

КАРЫПТА *ал.* кийимди баш – этеги кылып жамынуу; *чапанды карыптай жамын, болвосо үшүйсүң.*

КАРЫТ *кочк.* чарчатуу; *Нарын жактан ат карытып, жол арытып келдим.*

КАРЫЧ *лейл.* карыш; *өзү бир карыч, сакалы он карыч* (таб.сабиз).

КАРЫШ I *батк.* башынан көп иш өткөргөн адам; *ол шондой эски карыш болчу.*

КАРЫШ II *зам.* малдын жүнү түшүп ооруган оорунун аты; *манагылардын сыйыры карыш болуптур.*

КАРЫШ III *пам.* чакмак таш

ойнунда таштарда эки – экиден ар кай жерге топ кылып коюп, анан жыйып алуу көрүнүшү; *карышты баштаң* (ал "бир карыш, эки карыш, үч карыш" деп үч түргө ажыратып ойнолот).

КАРЫШ IV *баткч.* ачка болуу; *биз карышып калыптыр дейвиз, бир кылы ач болуптур дейт.*

КАРЫШКАН *ттороо.* бат, желим, чырыч; *ак кайың түвү карышкан, түвү карышкан, түгөйүм, ар адам менен таанышкан.*

КАРЫШТА *атб.* пулдоо, чыгымдоо; *бардык пулумду карыштадым.*

КАРЫШТЕКЕЙ *тал.* беш таш ойнунда чыпалак менен ортондун аралыгына коюлган таш; *карыштекейден утуп алдым.*

КАС I *лейл., зам.* орулбай, чабылбай туруп куураган чөп; *эки тең кас артып келди.*

КАС II *пам.* шып; *үйдүн кас жериге илип кой.*

КАС III *зам.* акылдуу, эстүү; *айалдарды башкара билген, акыл берген кас байвиче экен.*

КАСА *ноок., өзг.* марля; *каса менен колун таңдырды.*

КАСАВА I *жерг.* өнөр, кызыкчылык; *сен өзүң не касава менен алек болуп журөсүң.*

КАСАВА II *пам. к.* кашага; *эгерини жеп, жаазыга ат койгон неме касава жасап жүгөрдү.*

КАСАВА III *жжол.* чеп; *шаардын касавасынын кырында.*

КАСАВА IV *пам.* кеңдик, акылдуулук; *айалда йәм айал бар, касавасы алтын бар.*

КАСАВАЧА *алб.* кичине сепилче; *касавача курган экен.*

КАСАДА *зам.* кооз сәйма; *касада көйнөк жең таштап, жүргүңөн ак суwсар.*

КАСАКАНА *ноок.* өчөшкөндүк, кара санагандык; *ноwкүсө кишиге касакана боло түшөт.*

КАСАМКОР *алб.* касамчы; *касамкор болуп кетпе дептир.*

КАСАТ *зам.* көрө албастык менен көздүн оту чачырап турган көрүнүш; *онун көзү касат, отундай алоwлонуп жанат.*

КАСЕК *батк., лейл.* өрүк, шабдаалы ж.б. жемиш өсүмдүктөрүнүн мөмөсү майда, эти жука келип, жаш кезинде чыктуу болуп, анан бат катып кала турган түрү; *касек кийин пышат* (ал кээде "кәсәк, хасек" болуп да айтылат жана "курмайы касек, суw касек" болуп ар түргө бөлүнөт, "курмайы касек" сапаты начар, кычкыл келет, "суw касек" бир аз чыктуураак болот).

КАСКАК I *чүй, сейр.* чегиртке; *тетиги талас ээрдин үстүндөгү каскакты кара.*

КАСКАК II *жжол.* бир нерсени шарт эттире тез кагып жибергендик; *кылычты каскак кагып түшүрдү.*

КАСКАЛАК *чүй.* пахта чанагынын майдаланып калгандагысы; *каскалакты жийип койду.*

КАСКАЛДАК *чүй, сейр.* кызгалдак; *жаталак мениki деп каскалдакты аралай чават.*

КАСКАН *суз.* бешиктин үстүнкү узун жыгачы; *бешиктин касканы сыныптыр, оңдоп берсин.*

КАСКАС *кочк., эск.* эр сайышта найза ордуна колдонулган курал; *колдорунда айза эмес эле каскас болчу* (азыр бул эскирген).

КАСКҮНӘМ *зам.* тилекке каршы; *каскүнәмгә бүгүн бовой калышыны кара.*

КАСМАР I *лейл.* көбүргөн жара; *кастык менен кармасам касмар болсун шу колум.*

КАСМАР II *батк.* тикендүү майда тоголок баш алып, кичине сары гүл

алып, 4 – 5см. бийикте өсүп, темиреткиге дары катары колдонулчу өсүмдүктүн аты; *касмарды эзип темиреткиге сыйпа.*

КАСМЫ I: касым *батк.* 1. ыктыяр; *шонун касмы да экен, не кылат?;* 2. кейпи, тейпи; *сен дә онун касмын кийип жүрвө.*

КАСМЫ II *батк.* ника; *ол менин касмымдагы әйәлим.*

КАСМЫ III *батк.* кастык; *касмы барвы, бер деди!*

КАСТА I: каста көңүл *зам.* кайгырган, эзилген бечара; *шунча каста көңүл болуп кеттим дейсиң, ич нерсеге көңүлүм чаппады.*

КАСТА II *жерг.* аркадан калбай кубалоо; *ону аркасыдан кастап кywдy.*

КАСТАН *зам.* атайын; *кастан түртүп жүгөрдү.*

КАСТЫМ *батк.* ичи арамдык; *олор кастымда жүрүшпөсүн.*

КАСТЫҢДА *жерг., батк.* максатында, көздөгөнүндө; *кастыңда имнени молжоп жүргөнүңдү ол кайактан билсин.*

КАСЫДАХОН *жерг.* көз байлооч, көз боёоч, гипноз; *касыдахон договуларды уруштурат дегени чынбы?*

КАСЫР: касыр–кусур *ноок.* карч – карч; *карысын касыр–кусур эттирди.*

КАТ I *тал.* ээрдин каптыргасынын алдыңкы жагы; *ээрдин алдыңкы катына басып, атты теминдим.*

КАТ II *батк.* жөөк; *кәртишкәгә ат кат алдым;* **кат мончок;** мончоктон бир – бирине жабыштырылып жасалган кооздук; *мойнуда кат мончок, жыпар мончок;* **кош кат** *пам.* кош бойлуу; *жаман жолдоштон көрө жакшы тайак абзел дейт, оо кош кат әйәл "эки кат" деп да айтылат;* **үч кат** *зам.* өзү тоодо өсүп, акацияныкындай ак гүл ачкан жыгач өсүмдүгүнүн аты; *туз акы саңа деп* (илгери байлар бир жыл мал баккан кедейге бир – эки кой төлөп, анан калган айларын тамак аш ичтиң деп зомбулук менен иштеткен көрүнүш) *үч каттын таягы менен качырат.*

КАТ III *жерг.* кыштын күнү кар аябай жаап турган учурда шарты кагаз бетине жазылып, теңтуш жигиттер өз ара мелдешип, кар куттуктап ойногон оюндун аты; *алгыла, силерге кат жүгөрөвүз* (ал кээдэ "кар кат" деп да айтылат); **кара кат** *лейл.* өлүм жөнүндө кагаз аркылуу билдирилген кабар; *атасына кара кат келиптир* (кээде "кара кагаз" деп да айтылат).

КАТ IV *алк.* алыскы, чоочун; *каз торгой учат кат элге.*

КАТААЛАТ *чүй.* эки пикир кагылышып, арасы ачылбай турган учур, чак; *катаалат жерде калкасы тийет.*

КАТАКОВУШ *батк.* кокусунан болгон кырсык; *катаковуш бовосо шондой болот беде.*

КАТАЛАК I *батк.* сайгак; *каталак бөкөдөн пайда болот.*

КАТАЛАК II *ноок.* ыксырагандык; *каталак бош калыптыр.*

КАТАР *зам.* 1. арпанын эки кыр алып өскөн сорту; *катар арпаны тай балдар да билет;* 2. *жерг.* «иттаман» деп аталган кооздуктун бир бөлүгүнүн аты; *иттаманда төрт, алты, сегиз, он катар болот;* 3. *пам.* тогуз коргоол ойнунун экинчи бир түрү; *катар ойнуда эки адам ойнойт;* 4. *батк.* орто жерге сызык сызып, ал жерге ар бир бала бирден чүкө тигип, анан алар эки тарап болуп, кезектешип ойногон чүкө ойну; **катар айак** жоро бозодо «эшикаяк, орунаяктан» кийин катарга кошулуу үчүн саламчыга

дагы берилген бир аяк бозо, кымыз кезеги; *катар айак сунгула*; **беш катар** *жерг.* бир нече катар орому бар кооз билериктин түрү; *алаңкасар жарым акыл бовой беш катарды жоготпо* (бул билерикти "сокмо, жалпак, жыланбааш, топчубааш, тиллакүмүш, мисбилерзик" деген түрлөрдөн ажыратуу үчүн айтышат).

КАТЕК I *тал.* эчки картайганда эти качып арыктап кеткен оору; *чек, катек!*

КАТЕК II *түшт.* 1. пахтанын аралыгындагы сол; 2. *батк.* пахтанын катар аралыгын жумшартуу үчүн колдонулуучу тиштүү – тиштүү диск.

КАТЕП *кочк.* жер куруткан, бир орунга токтобогон; *катеп эчки экен, кырга токтобой койду.*

КАТКА *өзг.* ийри – муйру; *катка кылып ийди.*

КАТКАГАЗ *батк.* сыр жазылган жашырын кат; *каткагаз шунун туйук жагында.*

КАТКАЙ *пам.* түз, тике болгондук; *дәрә сүүдан өтүп, каткай тартты.*

КАТКАК *батк.* тоо тегиндеги өтө жука келген кара таш; *биздин тоолордо каткак көп* ("каткак таш" болуп да айтылат).

КАТКАН *жерг.* кардын тоңуп калган каткалаңы; *каткан менен басып келдим.*

КАТКАНДА I *жерг.* каткалардап басуу; *каткандап басып бар.*

КАТКАНДА II *жерг.* унуткаруу; *каткандап келип калды.*

КАТМА I *үй, сейр.* төөнүн чөп жебей, ичегиси бузулуп ооруган оорусу; *кара чымын көп таласа, төө катма болот.*

КАТМА II *жжол.* ортосуна пияз, картошка, туураган эт салынып бышырылган пирошки сымал тамак; *пийаз катма жасадык.*

КАТМАКАТ *батк.* 1. тегерек баш алып, кызыл күрөң, же кочкул мала кат – кат гүл ача турган өсүмдүктүн аты; *ичиде ит өлсө йәм* (бир кырты болсо да) *каттмакат үзүп берет*; 2. ушул өсүмдүктүн элесин берген көчөттүн аты; *өтпөс пычакка алтын сап девей каттмакат бас.*

КАТМАКАТАР *зам.* кайра – кайра; *катмакатар шундай кылавысың?*

КАТМАЛ I *тал.* базарга барып мал сатканда төлөнүүчү акы; *каттмалын ким төлөйт?*

КАТМАЛ II *үй.* катиңки; *калпагын башына баса кийген каттмал киши турат.*

КАТМАН *жерг.* капчык; *катманыңа пул салып кой.*

КАТМАНЧЫ *пам.* катып көрсөтпөгөн; *баатыр тапса бээри жейт, катманчы тапса катып жейт.*

КАТМАРЧӨП *батк.* бою анча бийик өспөгөн, өңү кызгылт келген, ажырык сымал өңдөнүп тамырлашып өскөн өсүмдүктүн аты; *каттмарчөптү чай кылып да ичкен.*

КАТМЫ *суз.* чоң той алдында көрсөтүлгөн сый; *эртең каттмы, бүрсүгүнү той болот.*

КАТНАМА *түшт., сейр.* жазылган кагаз, китеп, күбөлүк, жазуу; *катнама, катнаманы аттама* (таб. китеп).

КАТРАҢ *өзг.* чилде башталгандагы беш алты күнкү катуу суук учур; *чилденин катраны өтө элек.*

КАТТАКЕЛЕЙ *тоң.* кайра – кайра каттап – каттап иштелген; *каттакелей жооп беріптир.*

КАТТАМА *батк., суз.* 1. кабат – кабат келген, өңү кырмызы же кара көк, кочкул күрөң гүл ачкан, гүлүнүн жогор жагы тайпайып, түбү кууш келген өсүмдүктүн аты; *өткөн аптада каттаманы көрсөттүм го*; 2. роза гүлү; *бу каттаманы кээ бир роза дешет экен*; 3. *атб.* кагаз

документ сала турган чөнтөк сомке; *каттамасынан акча алып көрсөттү*; **айым каттама** *ар.* токоч сыяктантып жасаган нандын бир түрү; *айым каттама, кыйма, кордо жасалат*; **казан каттама** *пам.* камыры узун – узун кесилип, төгөрөктөлүп бириктирилип жасалган тамак; **тәштәмә каттама** *ноок.* төрт бурч кылып, ичине пияз, калемпир салып, май кошуп, майга бышырган нан; *Төлөйкөндө да тәштәмә каттама жасайт*; **каттама курак** *өзг.* ичке – ичке кыйыктан улам кийинкисин кичирейтип, үч бурч кылып жасаган курак; *каттама куракtан жастык кылып берчү элек*; **каттама көчөт** *пам.* каттама аттуу өсүмдүктүн тегерек кат – кат гүл ачуучу элесиң берген сайма; **каттама куймак** *жерг.* каттап – каттап жасалган куймак; *азыргысы каттама куймак*; **каттама от** *батк.* ичке сабактуу келип, майда тоголок баш алып, калың быдырлуу жалбырак ачкан өсүмдүктүн аты; *каттама от – чөпкө кирет.*

КАТТАШ *алб.* таштын бөлүк – бөлүк келип, пайда болгон түрү; *катташ жумшак болот.*

КАТТУW *зам.* ары – бери көп каттаган; *бава көргөн баштуw, жол тааныган каттуw.*

КАТУWЛА *жжол.* коёнтомук, табылгы, шилби өңдүү нерселердин бутактарын жеп, сиңире албай өлүү; *ээлер катуwлап койвосун.*

КАТТЫК *түшт.* 1. катуу; *каттык кылва – оройлук кылба*; 2. *өтм.* азоо (малга карата) *айгыры каттык*; 3. чоркок; *айтайын десе, тили каттык* (кээде "катык" болуп да айтылат) **каттык каткалаң сөз** орой кеп; *маңа каттык – каткалаң сөз әйтпә*; каттык алгандай болуп турат; ◊ *көңүлүнө оор алгандай болуп турат;* ◊ **адам темирден каттык, гүлдөн нәзик** адамдын сыры көп кырдуу; мүнөзү кыйын деген мааниде айтылчу туюнтма; **бурунду сассык деп кесип таштавайт, курутту каттык деп эзип таштавайт** *батк.* орду жок жерий бербе деген мааниде айтылчу туюнтма; **каттык уйку өлүккө те** сергек сак бол деген мааниде айтылчу туюнтма; **кире турган эшигинди каттык жаппа** иче турган кудугуңа түкүрбө деген мааниде айтылчу туюнтма; **шилвиден каттык иш барвы, туwганың душман богондо мындан каттык иш барвы?** тууган арасында нааразылык болгондо айтылчу туюнтма.

КАТЫ *батк.* катуу болуу; *лай катываппы, көрчү?*

КАТЫК *жерг.* ооңат кылууга, дыйканчылыкка катаал; *Каратегин илгери катык эде, энди жыргал болду.*

КАТЫЛА *жжол.* катуулап чыйралуу; *барган сайын үнү катылады.*

КАТЫН I *жжол.* 1. «чаканбеш» ойнундагы бир кырдаалдын аты; 2. *жерг.* улак тартканда, «алды – кетти» мезгилинде эки жак тең бирдей улакты таштай албай калган учуру; 3. *пам.* күрөшкөндө эки кишинин тең бирдей кырынан жыгылышы; 4. *өзг.* чүкөнүн чиги жагы кыңкайып калышы; **кеп катын** *акт.* кепкор, ушакчы; какшыкчыл; *кеп катын* (бул туюнтма адабий тилде одоно угулат).

КАТЫН II *пам.* 1. мөмөсү желбей турган жапайы карагат өсүмдүгүнүн бир түрү; *карагаттын катын деген түрүнүн мевасы желвейт*; 2. *ноок.* шилбинин начар келген бир түрүнүн аты; 3. *пам.* күлүн илгери насыбайга кошкон, өзү тоголок баш алып, түзгө чыккан өсүмдүктүн аты; *чарвактын артыга катын өсүптүр* (ушул эле сөзгө байланыштуу "катын карагат, катын арча, көк катын, катын шилби, кара катын, пахта катын, катын

жыгылыш..." деген сыяктуу ж.б. атоолор говор, диалектиде кыйла учурайт, алар азыр адабий тилде одоно угулуп калды).

КАТЫНПОЗ *суз.* аялга кароолук; *өлүп кетсин ол, катынпоз да ол* (кээде "катынпуруш" деп айтылат).

КАТЫРАК *жжол.* балдын ширесин сууга аралаштырып, анан буулангыча кайнатып жасаган таттуу; *катыракты өзү кара кочкул болуп өзгөрөт.*

КАТЫРАҢ *батк.* анардын даамы кыйгыл келген түрү; *нәмәнгән анар жакшывы, катырың анар жакшывы?*

КАТЫРАҢКЫ *жжол.* өтө бактап – шактап бийик өсө турган, мөмөсүн түйүп талкан катары пайдаланууга ылайык келген, өзү абдан катуу болуп, ар кыл буюмдар жасалчу жыгач өсүмдүгүнүн аты; *катыраңкы таштак жерде өсөт* (ал кээде "катран, катраңкы, катыреңки" болуп да айтылат).

КАТЫРЖӘМ *зам.* камырабаган, кенебеген, токтоо; *сен мунча катыржәм жүрөсүң, үкә?*

КАТЫРМА *пам.* ок – дарынын бир түрү; *катырма деген кара дары богон.*

КАТЫРЧЫ *зам.* бир нерсени бышык, катуу кылып жасоочу адам; *о, катырчынын ичиге ит өлүп турат* (ичи күйүп, ызаланып, уйгу – туйгу болуп турат).

КАТЫШ *кочк., жумг.* малга жагыштуу келген кымыздык, козу улак, бетеге сыяктуу ар кыл өсүмдүктөрдүн аралаша өскөндөгүсү; *катыш чөптөр көбүнчө тескейге чыгат.*

КАХАР *зам.* каар; *кашкар көчөттү пүт деп кахарыга алды.*

КАХАРЧА *жерг.* сур; *кахарча минип жол баштаган.*

КАЦ *баткч.* кагышуу; *дос тавышат, душман кацышат.*

КАЦЫР *баткч.* качыруу; *экини колунан уцуруп, кацырып ийди.*

КАЧА *ал.* 1. ичке таар кап; – *ой, әкә, мен манаву качага сап койойун деп мәшкүлдөмүн*; 2. *пам.* куржун, баштык сыяктуу буюмдардын жалпы аты; 3. чака, челек, кумура сыяктуу идиштер; *усталарда жез кача бар.*

КАЧААК *жерг.* качанак; *качаак бала жакын жоловойт.*

КАЧАААҢАЧ *батк.* качанак; *качааңач атты тутуп бовойт, кавааңач итти уруп бовойт.*

КАЧАГАЧ *ал.* качкы; *качагач атывыз бар эде.*

КАЧАЛ *зам.* бечел; *качал да өтө күчсүз.*

КАЧАЛАН *батк.* какшыкчыл; *качаландын гәвини каран, кайсы шамал учуруп келди? дейт.*

КАЧАЛЕКЕЙ *тал.* беш таш ойнунда ортондун үстүнө токтогон таш; *Гүлжакан, качалекейиңди карачы.*

КАЧАН *батк.* кайдан; *качан билем.*

КАЧАНЕКИ *батк.* качан гана; *качанеки зирени пышырса.*

КАЧАНКИ *лейл.* качан да болсо; *качанки ата өтөгүнү унутпа.*

КАЧКААК *батк.* качкы; *качкаак атты өлүмү тутуw кыйын.*

КАЧКААКТЫК *жерг.* качанактык; *кечесиге сен эмне качкаактык кылдың?*

КАЧКАЛАК *тал.* жолобой качкандык; *аксакал, качкалак болбой савыр кылыңыз.*

КАЧКАЛАКТА *тал.* кайра – кайра качуу; *мени дале бойуна жолоткусу жок, качкалактайт.*

КАЧКҮП *ал.* оозун тар, кичине кылып, оюп жасалган бөйрөктүү жыгач буюм; *качкүпкө сүт, атала куйат.*

КАЧКЫЛ *ноок.* качаган; *жудә йәм качкыл эчки экен.*

КАЧКЫЧ *пам.* качанак; *качкыч козу.*

КАЧМАЙ *жерг.* качма; *буну качмай дейттер.*

КАЧОW *зам.* жыгач теше турган учу миздүү темир аспап; *качоwу жоголуп өпкөсү күйөт.*

КАЧТЫ *пам., эск.* илгери бала токтобой койгондо ата – энелер баланы бирөөгө берип, өздөрү символ катары «качты» жасаган ырым (азыр мындай ырым эскирип жоюлган).

КАЧЫК *жерг.* 1. качкын; *арамза киши иштен качык*; 2. качаанак; *качык ат турвайвы.*

КАЧЫКТЫК *батк.* качкындык; *качыктык кыйын.*

КАЧЫМСАК *жерг.* качууга ниеттенгендик; *ол күйөwтө качымсак богон экен, билип койуптурлар.*

КАЧЫҢКЫ *чүй.* чөп – дарак өспөгөн ачык жер; *бир чакырым жерде дөңсөө, качыңкы ай талаа.*

КАЧЫРА *пам.* ачуу, каар; *зор уwлуга качырасы келди.*

КАЧЫРЫК *зам.* качырып үркүткөндүк; *менин тиззем жадэ оwруйт, бовосо качырык салат эдем.*

КАШ I *жерг.* 1. бут кийимдин кончу менен башынын ортосуна же эки жак кырына кошулуп тигиле турган кийринди; *каш тиккенин кийип чыкты;* 2. тамдын боорuна жабыштырылып же оюлуп салынган очоктун жогор жак башы менен мордун ортосундагы үч бурч келген келки; *очоктун кашыны карачы*; 3. *лейл.* жалпы эле каштын элесин берген көчөттүн аты (кээде "каш көчөт" деп да айтылат); 4. чикит ойнунда көктү карап туруп, баласын чекеге коюп, анан түшүрүп чабуу кырдаалы; 5. *жерг.* кырмандагы тазаланган кызыл; 6. тегирмендин «охрегине» түшкөн ун; тегирмендин кашыны тартып койчу; **кара каш** *батк.* 1. таардан четине салынган кичине түрдүн аты; *кара каш таардын четиге салына турган кеште*; 2. *ыск.* төбө жүнү үксөгөй, кара кашы бар, кышында журттан азык издеп, суукта семирген чымчыктын бир түрү; кара каш журтта болот**; кекилик каш килем** таарга кайчылаштырылып салынган түрдүн аты; **келин кашы** *пам.* каш сымал орнаменттин бир түрү; *келин кашы ийилип согулат;* **керме каш** *пам.* сайма саюу үчүн адегенде ак кездемеге калем менен сайыла турган көчөт, түрдүн кара жип менен түшүрүлгөн сызык изи; *керме каш ак таварга керек;* **кашташ** *пам.* 1. каш боёочу осмо таштын бир түрү; *кашташ көвүнчө Зор–Бөөрүлүк деген жылгада болот*; 2. каш боёй турган карандаш; 3. *тал.* ийиктин башы; Суусамырда ийиктин ташын каш – таш дешет экен ◊ **жатка кыган өзүгө, кашка кыган көзүгө** *пам.* бирөөнө жамандык кылсаң өзүңө келет, кашыңды ыгы жок боёсоң көзүңө түшөт деген мааниде айтылчу туюнтма.

КАШ II *батк.* каршы; *мас болсо да, каш болво*; **каш кер** итиркейлен; *каш кыл буз, бүлүндүр.*

КАШАГА *пам.* 1. чабышка түшүүчү аттын ысыгын алуу үчүн карды уютуп, муз кылып, төрт жагы туюк, үстү ачык, оозу бар калканч; *кашагадагы атты минип, бурку шайык деп жолго чыгат;* 2. күрткү; *бороон жолду кашага кылды*; 3. *лейл.* суу жеп кеткен жээк, жантык; *ол суw жеген кашага да*; 4. кашар; *малга кашга салып жүрөттөр*; 5. *батк.* кашаа; *чэпэрэни бузуп, кашаганы бузуп, мал эгинди майсандаптыр.*

КАШАК *ыск.* чочуганда улгайган аялдар тарабынан айтылчу сырдык сөз; *апий кашак – деп, бетин чымчып алды.*

КАШАН *ыск.* уйгур, өзбек элдери жасай турган самса сымал тамактын аты; *кашаныңыз аз болвосун.*

КАШАҢ I *жжол.* акшак; *ону биз кашаң да дейвиз, кашек да дейвиз;*

КАШАҢ II *пам.* 1. бодо малдын чийки ийленген териси; *кашаңдай кайышкак болову?;* 2. *ал.* теринин кесиндиси же эчки тери; *курчуткан пычагын кәпжәләп калыптыр, кашаңды койвой кесет.*

КАШАР I *чүй.* босогонун жан жыгачы; *бири карыга кетет, бири кашар жасаганга болот.*

КАШАР II *карс.* уяты жок, кашка; *кашар чыккан неме болду.*

КАШАР III *батк.* куурап кетүү; *кечээки көк талаа бүгүн кашарыптыр.*

КАШГИНӘ *жерг.* кашыңан ий; *каламдагы сыйадай кашгинәңдин карасы* (кичирейтүү, жакшыртуу, суктануу маанисинде кээде бул сөз "кашкана" деп да аталат).

КАШЕК *батк.* жалпы эле чабылган чөп; *бава үчүн алты нан дейт, кашек дейт* (кээде «кәшек», болуп да айтылат); **кашек чай** илгери чай тартыш кезде бүрүнөн чай кайнатып ичип келген майда сары гүл алган өсүмдүктүн аты*; кашек чай ада богон;* **жемиш кашек** *зам.* жер – жемиш; *жемиш кашек көп болду.*

КАШЕКИ *батк., өзг., ар.* 1. майда, начар, катиңки (жемиш, мөмө, дарак ж.б.); *кашеки өрүктөн алба;* 2. *өтм.* арык, эти бырышкан мал, жан; *кашеки койду семиртевиз;* 3. *өтм.* алсыз, көз карама; *кашекиде жан болову?*

КАШЕККОР *тал.* чөптү иргебей, тандабай жей берген; *жээрде ат кашеккор.*

КАШЕКТЕТ *ал.* оттотуу; от чалдыруу; *атты кашектетип алалы.*

КАШЕЛКЕ *чүй.* эшиктин кашеги; *кашелкеси, эшиги, тактайы, устуну, рейкасы бар.*

КАШКА I *пам.* кашка коё турган боёгуч зат; *жатка кылган өзүтө, кашка кылган көзүтө.*

КАШКА II *батк.* кумдун ири – ириси; *Сок дәрийәсидә кашка кум көп.*

КАШКА III *лейл.* маңдай тарап; *кашкадан түшүп келетат.*

КАШКА IV *тал.* эчтекеси жок; *аа, байкуш илгери кашка болгон да* (кээде "кашка таман" деп да аталат).

КАШКА V *лейл.* 1. толук ачылбай, учу гана бир аз ачылган мөмө; *учтары гана агарып калат, муну кашка дейт;* 2. *өзг.* илгерки «тон» деп аталган кийимдин мыктысы; *кашка бир тонун кирдетпейт*; **кер кашка** *өзг.* өңү кызгылт, маңдайында жүгөрүдөй сөөкчөсү бар бүркүт (анын сөөкчөсү кара болсо "кара кашка", көзүнүн тегереги капкара болуп, текөөрүнүн үстүндө узун ак кашкасы болсо "эрке кашка", жүнү эжигейдей сары келип, көзү кызыл болуп, бир уядан экиден балапан чыгарып, биринин оозу оңго, биринин оозу солго саал кыйшыгыраак келсе "эгиз кара кашка" деп аталат); *кер кашканы учуруп ийип иттен алып итке салды* (аябай урушту); 3. *өзг., батк.* өңү бир аз саргыч, кара темгил чаары бар, тумшугунан тартып арткы белине чейин жон ылдый кеткен кашка сызыкчасы бар бака; *кашка сүүдү жерде көп болот*; (илгери аны "чилдәшир" деген ооруга дары деп эсептеп келишкен); **кашка чымчык** *лейл.* токойлуу жерде жүрө турган боз чымчыктын бир түрү; **кашка чымын** *түнд.* 1. ала чоң чымындын бир түрү; 2. *жерг., батк.* чиркейдин бир түрү; 3. өрүктүн толук ачыла элек, ооз жагы бүлтүйүп жарылайын деп калган кези; *өрүктөр гүлдөйүн деп*

кашка чымын болуп калыптыр; **көк кашка** *жерг.* ичке жалбырак алып, тал – тал болуп коюу чыккан өсүмдүктүн аты; *ол көк кашкавыз жондо өсөр*; **шыпты кашка** 1. тартынбаган; *шыпты кашка аркы – беркиге карабайт да*; 2. ойноок; *шылдыр – шылдыр жүргөнүм, шыпты кашка кунаным.*

КАШКАЛДАК *тал., чүй.* алтыгана, чычырканак, ышкындын түптөрүндө же таштын көлөкө жагында чыгуучу жашыл өңдүү, жалбырагы жылмакай келип, бетинде чийме изчелери болгон өсүмдүктүн аты; *кашкалдак ышкындан мурда бышат, желет.*

КАШКАЛДЫРЫК *тал.* төрт – бештен кутуча гүл алып, гүлүнүн жалбырагы субагай тартып, өңү чымкый же бозомук көк келген өсүмдүктүн аты; *жүр, mowgon кашкалдырык терип келели.*

КАШКАН *лейл.* электин алкагы; *эр баабедин пирге жети тәңгә девей, кашканды жөндөн.*

КАШКАП *батк., жерг., пам.* 1. кашыктарды салуу үчүн кездемеден жасалган кашык кап; *кашкапка салып койчу;* 2. *батк., эск.* илгери териден катырып жасалган кашык (муну муздак нерсеге карата колдонушкан, азыр мындай "кашкап" кезикпейт).

КАШКАРТ *өзг.* 1. жергиликтүү усталар жасаган бычактын бир түрү; *кашкарт менен көдөө жараны жарса болову?;* 2. ошол бычактын элесин берген көчөттүн аты; (кээде "кашкарт көчөт" деп да айтылат); **кашкарт ойум** *өзг.* илгери Кашкар тараптагы кыргыздардын аяк капка түшүрүп келген көчөтүнүн элесин берген орнаменттин аты; *кашкарт тал талдын өңү көк, жылмакай, сулууча келген бир түрү*; жүк бувдайга жок тегирмен (сууга жазуу жазылбайт); кашкарт талды сурайсың; **кашкарт чапан** көкүрөгү ачык, жакасы жок, жука шырып жасалган узун жеңдүү сарала бейкасам чапан; *кашкар чапанынын оң жак этегин жапты*; **кашкарт челек** бөйрөктүү келген чоң чыны чайнек; *кашкарт челек менен топурагы эскирди* (жол – жосуну бүттү).

КАШКАРЧА *чүй, сейр.* арча же карагай жыгачынан жасалган илгерки идиштин аты; *кашкарчага суу алчу бекен?*

КАШКАРЫ *суз.* 1. гүл ала турган өсүмдүктүн бир түрү; *кашкары гүл бар дейт, көрө элекмин;* 2. *батк.* чеке чыгарылып, оюу салынып жасалган жөнөкөй килемче; *кашкары гилем бар эле.*

КАШКЕР *пам.* курч; *дулайды жарганга кашкер болуш керек.*

КАШКУЛАК *пам.* сөз укпаган, тилге кирбеген; *уруштулар о кашкулакка.*

КАШКУЛДАК *жерг.* кашкулак; *белең – белең – белең ат, бели жоwор күрөң ат, mowgon – таштан түшпөгөн, түшүп кетсе өлвөгөн, бул эмне? – бул кашкулдак.*

КАШМУРУ *ноок.* сыйкырчы; *кашмуру киши эде.*

КАШӨКТҮК *батк.* тоюткордук; *уйга кашөктүк бир нерсе жыйып алалы.*

КАШТА I *батк.* жылмалоо, тегиздөө; *моруну каштайын, өнөрүмдү каштайын билип, иштей берейин.*

КАШТА II *чүй.* дөңсөө жерге «каш» тартып суу сугаруу; *кызылчага суу каштап жайа баштады.*

КАШТА III *ноок.* жан аябоо; *жанымды саңа каштайын.*

КАШТАҢДАЙ *өзг.* куштун чач сыяктантып асемделген боосу; *ак жибек боосу каштаңдай.*

КАШТАШ *чүй.* ийик баш;

Суусамырда кашташ деп ийик ташты айтышат.

КАШУУР *өзг.* ар кыл чоң тарак; *шундай мәкәм бәйләптир, кашуурду чече авадым;* **ат кашуур** аттын жал – куйругун, денесин тароочу тарак; *ат кашуурду бер, иштесин.*

КАШШАК *зам.* колунда жок; *онун кашшак болуп калышыга ким сәвәпчи деп сураптыр.*

КАШЫК *жерг.* ок – дары куюу үчүн металлдан жасалган куйгуч; *таштын тәгидәги гәпти тават, шо кашыкты кантип билвесин;* **кол кашык** *атб.* 1. чоюн кашык; *илгери кол кашык жок да күн кечкенбиз;* 2. *суз.* чөмүч; *силер чөмүч, биз кол кашык дейвиз;* 3. *тал.* кружка; *кол кашыкка суw куйчу.*

КАШЫЛА *батк.* чөп башыла; *чөп кашылап жеп отуруңуздар.*

КАШЫЛАГЫЧ *батк.* аттын денесин кашып, тазалап, тарай турган буюмдун аты; *коосул азам үчүн он бир тәңгә деп, кашылагычыны көтөрө басты.*

КАШЫНА *жжол.* адамдын денесинин ар кайсы жерден ак темгил басып, ооруган оорунун аты; *малда бычалгы, адамда кашына деген owру болот.*

КӘ: кә–кә *өзг., жжол.* кандайдыр бир канаттууну (куш, таан ж.б.) колго үйрөтүп, үндөккө алганда колдонулчу сөз; *кә – кә десем, таан колго конду.*

КӘӘК: пахта кәәк *жерг.* тоголок "коро" байлап, кебез бүр алып өсө турган өсүмдүктүн аты; *оновуну пахта кәәк дешеттер.*

КӘӘП *пам.* ачуу, заар; *терчинин кәәви өзүгө;* **кәәп калгыр!** *ноок.* кейип, өкүнгөндө айтыла турган сырдык сөз (азыр өтө аз айтылат да, улгайган кары адамдардын речинде гана жолугат).

КӘӘР I *батк.* 1. кишини жанына жолото койбогон, ачуулуу, ичи тар; *кәәр адам коңшусуну койвойт;* 2. кежир; *онун баласы кәәр бала болуптур*; 3. шопкоңдуу, кер аяк; *ол жидәә кәәр да*; **ач кәәр** *пам.* кабырылган арык; *ач кәәрдәй бовой артайылыны жапшыр*; **кара кәәр** *батк.* карасанатай; *кара кәәр киши бовосун.*

КӘӘР II: кәсип кәәр *зам.* өнөр, кесип; *кәсип – кәәриң ниме?*

КӘӘР III *пам.* кулак түбү сарала, төбө жагы ак чаңгыл сур; *кәәр эчки сойсоң бакыртпа, бардык элди чакыртпа.*

КӘӘРВӘН *жерг., сейр.* кербенчи; *такур–тукур кәәрвән, ичи толо мәәрвән* (таб.бешик, бала).

КӘӘРГҮЛ *батк.* тоодо өсө турган майда сары гүлдүү өсүмдүк; *кәәргүл тере келгилечи.*

КӘӘРДИК *жерг.* кер аяктык; *онун кәәрдигидән хич ким ону менен жүрвөйт.*

КӘӘРМӘН *батк.* саргыч түс; *кәәрмәниңди канга бойow кывагын.*

КӘӘСИР *ноок.* жаңжал; *бир кәәсир чыгарвасын.*

КӘВӘ *ал.* ашкабактын бир түрү; *кәвәси бир башка, кәдиси бир башка.*

КӘВӘЙИ *зам.* жергиликтүү буудайдын бир сорту; *бувgайдын кәвәйи деген сорту бар.*

КӘВӘК *пам.* 1. шиш кебек; *калпагы бар, өзү жок, кәвәги онун көрүнбөйт;* 2. күйүк; *нанды кәвәк кылып койвоң*; **таш кәвәк** ысыган ташка бышырылган кебеп.

КӘВӘН *жерг.* аткана; *кәвәнгә асылып не кыласың, асылсаң бәләнт дарга асыл, айагың жерге жетпесин.*

КӘВӘП *батк., өзг.* шашлык; *кәвәп жеп жатат; бowру кәвәп;* 1. боордон жасалган куурдак; 2. *өтм.* ичи ачышкандык; *ийләй берип бowру кәвәп бовосун*; **гөш кәвәп** куурдак;

гөш кәвәп жасап ийиң; **жан кәвәп** жан сабоо; *жаны кәвәп болуп жүрөт;* **тандыр кәвәп** дандырга кабырга – кабырга кылып бышырылган кебеп; *тандыр кәвәпти устат кишилер жасайт*; ◊ **шиш да күйвөсүн, кәвәп да күйвөсүн** өгүз да өлвөсүн, араба да сынбасын деген мааниге жакын айтылчу туюнтма.

КӘВӘППОЗ *жерг.* кебепчи; *кәвәппоздор мәззә кылат.*

КӘВӘР I *пам.* тилдин ортосу же учу оюлуп ооруган оору; *тилим кәвәр алыптыр.*

КӘВӘР II *өзг.* 1. адырга чыгып, көк чылбыр таштап, жайылып өсүп, күзүндө кызыл түстөгү тоголок коро алып өсүүчү өсүмдүктүн аты; *онерде йам кәвәр көп экен;* 2. *чатк.* майда ара тиш сымал тикенек чыгарып, тоонун таштуу жеринде өсө турган өсүмдүктүн аты; *кәвәрди көрүп кетесилериңби?*

КӘВӘРИ *батк.* нааразы болгондо айтылчу сырдык сөз; *кыган ишиң кәвәри болсун!*

КӘВГИР *батк., жерг.* 1. боорсок, май токоч бышырганда колдонулчу бир жагы тегерек жайпак, майда тешиктүү, саптуу буюмдун аты; *ону кәвгир менен сүргүлөйт;* 2. казан кыргыч; *казан кырганга кәвгир керек* (кээде ал "кәвгир кыргыч" деп да айтылат).

КӘВЖӘЛӘ *батк.* этияттануу, даярдануу; *биздин келишивизди билгенден кийин кәвжәләп турвайвы.*

КӘВЗӘ *батк.* 1. там үйдүн «торсундарынын» баш жагын бириктирип турган жыгач; *кәвзә торсундарды тутуп турат* (кәвзә "ак сәрәп, кош сәрәп" үйлөрдө гана болот); 2. *батк.* оймолонуп кооздолгон «карынын» үстүнө коюлуучу тактайча; *кәвзәси тәйин, чеверим.*

КӘВЗӘЛӘ *батк.* «торсундардын» башын «кәвзә» менен карматуу; *ол торсундарды кәвзәләйт.*

КӘВЕДЕ *лейл., батк.* саман, беде, чөптөн туурап аралаштырылып жасалган тоюткор; *танага кәведе сал.*

КӘВЕҢГИ *ноок.* тамеки кургатуучу жай; *тәмеки кәвеңгиде кургайт.*

КӘВИ: кәвилә *пам.* окшош; *әртист кәви ойнодуу.*

КӘВИК *жерг.* кекилик; *тәжиктер да кәвик дейт, биз да шонтевиз.*

КӘВИН *пам.* 1. күчү жок чөп; жака жердин чөбү; *Пәмирге караганда Алайдын чөвү кәвин;* 2. *лейл.* отсуз, чөпсүз жер; *кәвин жерге әйдәвә, көк жөтөлүң көчүрвөйм* (кол кабыш кылбай коём деген маанидеги сөз).

КӘВИР *батк.* атасынан ажырап, энесинин колунда тарбияланып, эр жетип, анан үйлүү – жайлуу болгон адам*; энди шугур, мурда сагыр болсо, азыр кәвир*; **сагыр–кәвир** *лейл.* өскүлөң жаш, тестиер; *сагыр–кәвирләр кайда экен десең.*

КӘВИРӘ *жерг.* неберенин баласы; *кәвирәни үй рузгерге чыгарар бекембиз* (кээде "кәвре" болуп да айтылат).

КӘВИШ *жерг., өзг., суз.* 1. кепич түрүндө жасалган жыгач бут кийим (бул кәвиш илгери болгон экен, азыр жок); *кәвиш жыгачтан жасалган*; 2. кепич; *кәвишини кийип чыгып кеттилер* (кээде "кәвуш" болуп да айтылат); **эккәри кәвиш** *зам.* такасы бийик кепич; *эккәри кәвиш жәрәшәт*; **жыгач кәвиш** *жерг.* жыгач кепич; *жыгач кәвиш жок болуп кетти*; **пәттәйи кәвиш** *жерг.* 1. такасыз кооздолуп тигилген бут кийим (азыр кийилбейт, бирок аны илгери ийленген териден колго тигишкен); *пәттәйи кәвиш апкелди*; 2. *өзг.* галош; *чалдар жазда пәттәй кәвиш жүрө берет*; **шәйтән кәвиш** *батк.*

түбүнөн узунча ичке топ жалбырак, ортосунан онго чейин топ сабак алып, 30 – 40см. чейин өскөн, анан жогор жагынан сүйрү баш алып жана майда – майда ак түстөгү үлпүлдөк гүл чыгарып, гүл түшкөндөн кийин сүйрү баштын тегереги бүт кичине – кичине бозгуч урук алып өскөн өсүмдүктүн аты; *бедепәйәгә шәйтән кәвиш көп чыгыптыр;* ◊ **пүтөw кәвиш** *жерг.* дендароо; *мен пүтөw кәвиш болуп калдым; кәвишим аган бир киши, гүмәндәрим жүз киши* алдырган, уурдаткан киши кумөн санай берет деген мааниде айтылчу туюнтма; *кәвишини колуга алат шашат, ашыгат.*

КӘВИШӘ *жерг.* зоок, тамаша; *кекилик кәвишәгә бүгүн чыгавыз;* **хороз кәвишә** жаз алды менен кекиликтин эркегин таңга маал кекилик көп жерге алпарып, капаска коюп, аны тегерете тузак тартып, кекилик кармоо; *хәзир жүдә хороз кәвишәнин вахты;* **мәки кәвишә** кекиликтердин ургаачысы.

КӘВИШГҮЛ *батк.* узун ичке сабактуу келип, майда жалбырак алып, өңү бозомтук болуп, көк гүл ачкан өсүмдүктүн аты; *кәвишгүл towgo өсөт экен, көрдүк ко шондо.*

КӘВЛИК ◊ *жерг.* 1. чөмүч; *казанда болсо, кәвдиккә* чыгат.

КӘВУДПУШ *жерг.* 1. көк нерсени жакшы көргөн; *Сәлимә – кәвудпуш;* 2. *өтм.* бышып чыйралбагандык; *атасы көзүнү жумуп, балдары кәвудпуш.*

КӘВУТ *жерг.* көк, көгүш; *о кәвут жowлукту алып не кыласың?*

КӘДӘН *жерг.* 1. саманкана; *ашкавактарды кәдәнгә киргиз;* 2. *пам.* чөп, отун сактай турган күпкө; *кәдәндән отун алып кир* ("кээдэн" болуп да айтылат).

КӘДИ *зам., жерг.* ашкабак сымал томолок баш алып, чылбыр таштап өсө турган өсүмдүктүн аты; *балам, топ ордуга кәди ойной ведең?;* **кымыз кәди** *зам.* кымыз куюлуп коё турган кабак; *кымыз кәди сен болсоң, кымызын ичер мен болсом* (Заминде кымызды арча челекке ачытып, "кәди" деп аталган кабакка куюшат) ◊ **акылың бовосо, башың бош кәди** *жерг.* акыл – эсиң болбосо, кур баш эмне кылат деген мааниде айтылчу туюнтма.

КӘДИМИЙ *зам.* илгерки; *ол чал кәдимий адам дә, шону түшүнөт.*

КӘДХУДА *жерг.* менменсинген; *жүдә кәдхуда бала экен.*

КӘЖ *жерг., батк.* 1. ийри, кыйшык; *ол кәж деп сәәл–пәәлгә ле ийләйвисин?;* 2. *батк.* сырын алгандык; *олордун кәжини алган* ◊ **конушундун итинин куйругу кәж десе, намыз кыласың** обу жок эле териге бересиң деген мааниде айтылчу туюнтма.

КӘЖӘК *жерг.* 1. ийри – муйру; *кәжәк жасалган экен;* 2. кернейдин чыканагы; *кәжәктин узундугу кырк сәнтиметир;* 3. өтүккө мык кагарда колдонулчу мойну ийри куралдын аты; *кәжәккә өтүктү илип, мык кактым.*

КӘЖӘЛӘ *жерг.* майрык; *вәй–вәй, энди не кылыш керек, шо кәжәләни.*

КӘЖИ *батк.* эс – уч, кейип; *балдардын кәжини ава, таза сенен коркуп калат.*

КӘЙ *жерг.* качан; *атаң кәй келет.*

КӘЙӘК I *пам.* жаздым; *кой, иним, кәйәк атып алдың.*

КӘЙӘК II *зам.* 1. өжөр; *ондой кәйәк бар бекен, әә?;* 2. *батк.* кежир; *өрүк күңгөйгө бар десе, кәйәк неме боводу.*

КӘЙВӘН *батк.* үйдүн ортоңку бөлмөсү; *идишти кәйвәнгә кой.*

КӘЙВӘНИ *батк.* сезимтал, кексе; *ол киши кәйвәни боп каган.*

КӘЙВӘНИЛИК *пам.* тил азардык; *эки жашавай кәйвәнилигини.*

КӘЙИ I *жерг.* илгертен, байыртадан; *шыралгага мүчө же сан берет, кәйидә шондой.*

КӘЙИ II *пам.* чарчоо; *кыймылдасаң кәйийсиң.*

КӘЙИ III *зам.* урушуу; *жаш баланы мунча кәйивәң.*

КӘЙИП *өзг., жерг.* ичкилик ичип же тамеки тартып магдыроо; мас болуу; үлпөт кылуу; *кечээ кәйип кылдык;* **кәйпи сафо** *жерг.* жыргал; *кәйпи сафо кылып жүрөсүңбү?;* **кәйипи эгиз** *ноок.* өтө мас.

КӘЙКӨW *ал.* жаш балдар бири – бирин эликтегенде колдонулчу сөз (көбүнчө жаңы бир нерсе алганда айтылат); *менин ойунчугум бар, кәйкөw–кәйкөw!*

КӘЙКӨWЛӘ *пам.* көз күйгүзө суктант; *жаңы кийимин кәйкөwлөди.*

КӘЙПИЙӘ *батк.* көңүл жагдайы; *кәйпийәтиң кантет?*

КӘЙРИҢ *батк.* чунак; *ирәйистин минген аты кәйриң кулак экен.*

КӘЙЧИҢДӘ *лейл.* мылжыңдоо; *кәйчиңдәп көп сүйлөйт.*

КӘЙШИК I *пам.* сүйлөөк, бабыр; *жеткен кәйшик экенсиң, көп сүйлөвөчү.*

КӘЙШИК II *пам.* жантык; *кәйшик жер – ол жер.*

КӘК I *өзг.* кайберен; *илинип турган кәктин териси.*

КӘК II *өзг., батк.* 1. бир нерсенин катып – кургап калганы; *нан кәк болуп калвасын;* 2. жаңгактын мөмөсүнүн бышкан учуру; *жаңак кәк болду.*

КӘКӘ I *лейл.* таттуу нерсе (кант, момпосуй ж.б.); *ә, балам, кәкәң түгөдүвү?* (бул сөз жаш баланын речинде же ага карата айтылганда гана колдонулат).

КӘКӘ II *суз.* какач; *башыңа кәкә түшпөсүн.*

КӘКӘ III *өзг.* төөмөнтек; *башыңан кәкә алавы?*

КӘКӘВ *батк.* кара сугат; *жакында кәкәв башталат.*

КӘКӘВӘ *жерг.* өрүктүн шире суусу; *өрүктүн кәкәвәси жудә ширин.*

КӘКӘЖӘН *батк.* сүйлөөк, какылдак; *кечкече токтовой сүйлөвөчү, кәкәжән.*

КӘКӘЛӘ *жжол.* кушту үндөккө чакыруу; *кушту кәкәлән чакырат.*

КӘКӘНДӘЗ *лейл.* күл чыгаргыч; *тур, кәкәндәзди алып келчи.*

КӘКӘП *батк.* жай айынын ысык күндөрүндө жемиш мөмөлөргө, эгин аянтына коюлган суу; *жүзүмдөргө кәкәп койдуңбу?* (эгерде кеч күздө же кышында коюлса "жәкәп" деп айтылат).

КӘКӘР I *батк.* 1. ачуулуу, ичи тар; *кәкәр бала болуп өспөсүн үwлуң;* 2. жыргап өзүнө – өзү ыраазы болгондук; *кыйратып сагансып кәкәр боп отурат;* 3. *лейл.* өзүмчүл; *ич кимди сейревей жүрсө, кәкәр дейт.*

КӘКӘР II *батк.* абдан коюу, кыпкызыл; *чәй жүдә кәкәр болуп кетиптир.*

КӘКӘРӘП *батк.* ачуу чыккан даам; *кәкәрәп кылып дәмдәчи.*

КӘКӘШӘК I *жерг.* чырмоок сыяктуу өсүп, катуу келген өсүмдүктүн аты; *кәкәшәк деген чөп бар.*

КӘКӘШӘК II *пам.* жапайы чычкан сымал келип, тиштесе жабышып чыкпай коё турган жандыктын аты; *кәкәшәктәй жавышып кетире койводу.*

КӘКИ *жерг.* колго жасалган матрац; *кәкини бешикке сал.*

КӘКИВӘШ *батк.* 1. кексе; *бу качангы кәкивәш, сен шого теңелевисиң?* 2. катуу баш.

КӘКИЛ *зам.* көкүл; *азыр кыздар кәкил койушат.*

КӘКИЛДӘК *батк.* какылдак; *сен кәкилдәк экенсиң.*

КӘКИРӘ *жерг.* кекире; *кәкирә жагып үйлөвө, кесир owуз сүйлөвө.*

КӘКИРМӘЧ *суз.* нандын катуу болуп бышкан жери; *хәлә, кәкирмәчтән берип койуң* ("кәкмәч" болуп да айтылат).

КӘКМӘ *өзг.* эшек мингенде камчыланыш үчүн колдонулган катуу жыгач; *кәкмәсини алып кәкилдәйт.*

КӘКМУШ *пам., жерг.* «канувазир» ойнунда «ууруну» төбөсүнөн нукуй алып жазалоо; *кәкмуш алса, онову!* (кээ бир жерде "кәкмич, кәкәмуш" деп да айтылат).

КӘКСӘ *түшт.* кексе; *энең кәксә киши экен.*

КӘКСӘПЕЧЕЛ *батк.* жашы өйдөлөп, бирок бечелдик кылган бала; *ә, кэксәпечел!*

КӘЛ I *түшт.* 1. таз; *кәл деп ону мазак кылва*; 2. *батк.* балапандын баш жүнү түлөп калган учуру; *кекиликтин кәлин кармап алдык*; **кәл журтчу** *лейл.* 1. ак кажыр; *кәл журтчу өлүмтүк бар жерден үзүлвөйт*; 2. *өзг.* айры куйрук; *кәл журтчу жөжөлөрдү кырып кетет*; **кәл кажыр** *лейл.* таз жору; *анавы кәл кажыр көп эле эгиз учатпы?*; **кәл коргон** *жерг.* бурч – бурчуна сопойтуп кыр салынбай тургузулган коргон там; *малды кәл коргонго камадык*; **кәл куйун** *батк.* куюндун өтө катуу уюлгуганы; *кәл куйундун ортосуда кавасын*; **кәл курак** түксүз сайылган «кеште», сайманын элесин берген орнамент; **кәли таз** *зам.* кырма таз; *аркалуwдан оwнавас бул нимедир кәли таз, жаактуwдан кепшевес бул нимедир кәли таз?* (таб. уй, жылкы); **кәл толто** *пам.* майсыз, жалаң чөбөгө; *бир кынга эки кылыч сыйвас деп кәл толто жасадым;* **кәл топ** *зам.* чакмак таш ойнунда төрт ташты бир илип алуу учуру; *самынга кир жуwай* (бирөө жөнүндө жөнү жок сүйлөбөй) *кәл товуң ал;* **кәл эчки** *жерг., зам., өзг.* 1. токол эчки; *бир кәл эчким бар, кыйа–кыйа жол басат* (таб.токулган чий, камыш); 2. *пам.* чакмак таш ойнунда сол колдун манжаларын бүгүп, үстүнө таштарды чогултуу кырдаалы; 3. *батк., жерг.* эски – уску чүпүрөктөн тоголок кылып шырып тигип футбол иретинде тээп ойногон оюн; 4. *батк., лейл., ноок.* бир нече бала жерден тегерек чуңкур казып (аны "үй" деп атайт), ортосуна бир чоңураак оюк кылып (ал "ордо" деп аталат), анан ар бир бала өз үйүн таяктын учу менен басып (үйдүн саны балдардын санынан бири кем болот), "ордого" бир бала бир таш айдап (ал "кәл эчки" деп аталат) ойногон оюн; *кегиле, кәл эчки ойнойлу* (балдардын таяктын учу менен "үйдү" сайышын "көрө сайды" деп аташат; "эчкини" ордого айдап кирерде балдар ага тоскоол кылып, кайра чаап айдап турат. Ошондо эчки айдагыч берки балдардын үйүнүн бирөөнү мурда басып алса, анда ошол үйүн бастырган бала эчки айдап калат. Ошентип отуруп "кәл эчки" ордого кирип калса, "көчтү" деген процесси башталып, балдар бири – биринин үйүнө тез көчөт. Ошондо кимиси үйүн таппай калса, ал эчки айдайт); **бир кәл эчки** чакмак таш ойнунда сол колдун сөөмөйүнүн үстүнө гана таштарды чогултуп алуу кырдаалы; **эки кәл эчки** чакмак таш ойнунда сөөмөй менен ортонду бүгүп, анын үстүнө таштарды жыйып, анан аларды өйдө ыргытып илип алуу кырдаалы; **жәрә кәл** *жжол.* эзилген таз; **күнжәрә кәл** *зам.* ылжырама таз; ◊ *башым кәл, көңүлүм нәзик дымагым жогору; кәлиңә дәри кылавысың?* керексиз ишке убара болбо; **кәлдин немеси бар – алтын таргагы бар** орду жок кекирейбе;

кәл эчки мүйүз сурап барып кулагыдан әйрилиптир *пам.* эби жок иш жасап эзилип калба деген мааниде айтылчу туюнтма; *кәл эчким кыйа-кыйа жол басты* (өөдүк – сөөдүк иш) **кәл куйуң кәлдин үйүгө бар** куюнга калганда айтыла турган туюнтма; **кәсәйи новват кәлдики** *пам.* бирөөнү тамашалаганда айтылчу туюнтма; *ашканада кәл кыз ийләйт* (таб. түздүк)

КӘЛ II: мал-кәл *базк.* мал – сал; *мал – кәл менен towдун башыда жүрчүвүс.*

КӘЛӘ: **калә-кәлә** *батк.* килем согуу үчүн ийрилген түрмөк жип; *кәлә – кәлә деп жүрүп, ада кылды (каза болду).*

КӘЛӘВӘ I *батк., зам.* түргөк жип же ийриле элек «пилла»; *бир кәләвә живек алды ("кәләп" болуп да айтылат).*

КӘЛӘВӘ II *батк.* бошоң; *чакан бовосо, кәләвә бала болот.*

КӘЛӘВӘЛӘ *батк., лейл.* түргөктөө; *живекти кәләвәләп кой.*

КӘЛӘК I *түшт., зам.* 1. элечек; (Замин жакта илгери аялдар кәләктан мурда *"чачкеп"*, чачкептин үстүнө кәләк оронгон, анын үстүнө *"кәрс"* салынган "тор чачы", анан "мандайлык" менен кооздолгон Памир, Каратегинде элечек түндүк райондогудай бир кылка тегерек тартылып кыр түшүрүлүп оролбостон, алга карай жүткүнтүп, сүйрү тартылып оролгон үстүнө "дүрүя" жоолук чалынган. Кеп такыянын боолугуна түрдүү шуру – мончок, ар кыл кооздук тагылган); *энемдин кәләги бар;* 2. *жерг.* жаш кекиликтин баш жүнү түшүп, чоңоюп калган учуру; *кекилик жетилгенге чейин үч кәләк болот*; **кәлэк от** *пам.* элечекке тагуу үчүн жасалган жалтырак кооздук; *кәләк оту менен жасалган кәләк*; **кәләк той** *жерг.* келин келгенден кийин (эки – үч ай өткөндө) анын башынан элечекти алып жоолук салууда өткөрүлгөн кичине той (булар азыр эскирген).

КӘЛЭК II *жерг.* чоюн эритүүчү идиш; *устанын кәләги жок, болбосо го тиш куйдуруп алат.*

КӘЛӘК III *лейл.* кыл сүзгүч; *бээни саап, кәләккә сүзөт.*

КӘЛӘК IV *батк.* башы кыскартылып кесилген бак – даректын бутагы, өзөгү; *тыттын кәләгини караң*; **өрүк кәләк** өрүктүн бутактары чачырап өскөн жер; *өрүктүн кәләгидәги куруп кагандарыны терип түштүм.*

КӘЛӘКТӘ I *лейл.* таар, килем ж.б. жибин түрүү, ороо; *кәләктәп түрдү да, балыктан корксоң суw кечпе деди.*

КӘЛӘКТӘ II *батк.* өсүп турган жыгач дарак – бак ж.б.; чолтойтуп кесүү; *тытты кәләктә, бовосо алдыңда – жар, арканда – балта* (иштен качар жериң жок деген мааниде).

КӘЛӘКТӘЛ *лейл.* «кәләк» болуп түрүлүү; *кәләктәлгәнини ойакка алып кой, шонтпесең лайдан качып, балчыкка түшөсүң (иштен качпа деген мааниде).*

КӘЛӘН *жерг.* жайык, кең, чоң; *кәлән балаңыз әскәрдәви?*

КӘЛӘНГӘП *жерг.* көтөрүлө айтылган сөз, кеп; *балам, көп кәләнгәп бовой жакшы жүр.*

КӘЛӘНДӘР *батк.* календер; *кәләндәргә мүчө бөлүнбөйт;* ◊ **дүвәнәйи кәләндәр** күйүп – бышып бир нерсеге кайгыруу; *дүвәнәйи кәләндәр болуп, ыйлап-сыктап отурат.*

КӘЛӘП I *жерг.* кыл сүзгүч; *чәйәннән чәйән, жыланнан жылан чыгат девей кәләпти тап.*

КӘЛӘП II *лейл.* чалма; *оң – сол чалып оронгон мен кәләвин болойун.*

КӘЛӘПӘТИРӘ *жерг.* баш аламан кым – куут; *овкаты кәләпәтирә болуп жатат.*

КӘЛӘПТӘ *батк.* келептөө; *ийирген жипти кәләптәп койдум.*

КӘЛӘР: көр кәләр *лейл., бат., зам.* 1. келемиш чычкан; 2. *эск.* илгери дан тартыш кезде келемиштин ийнинен казылып алынган дан; *бир кәләрдин иниден жарым пут кәләр казган* (азыр бул көрүнүш жоюлган); ◊ **кәләр иниге батпай атып үстүгө калвыр бәйләйт** *батк.* обу жок – ары жок иш кылат.

КӘЛӘРЧИ *лейл., батк., зам., эск.* илгери келемиш ийнин казган адам; *дан чогултқан кәләрчи йәм богон, энди жыргал заманда кәләрчи богон киши жок.*

КӘЛӘЧ *түшт.* көлөч; *мәгәзиндәргә кәләч келиптир ("кәлиш" болуп да айтылат);* **куйма кәләч** кепич; **маңка кәләч** *өзг.* бучук көлөч; **өтүк кәләч** өтүккө кийилүүчү чоң көлөч; **пычык кәләч** маасыга кийилүүчү көлөч ("кәмиш" болуп да айтылат**); шахты кәләч** өтө катуу, жик – жиги бар көлөч; ◊ **кәләчи учкан печелдин кәйпи учкан нечендин** *батк.* кандайдыр үрөй учкан иш болсо, ошол учурда айтыла турган туюнтма (сел, жер титирөө ж.б. апат болсо).

КӨЛӘЧӘТОН *пам.* чачкептин куйрук учуна кадалуучу алтындалган жип; *желкемден бурөw басса да, кәләчәтонду үздүрвөйм дейт.*

КӘЛВӘК *батк.* 1. аңкоо, унутчаак; *сөздүн мәәнисигә жетпеген кәлвәк дә*; 2. өтм. келеке; шылдың; *өзүңдөн улук адамды кәлвәк кыва*; ◊ **тапкан экенсиң кәлвәкти?** оңой кишини тапкан экенсиң (нааразы болгондо айтылчу туюнтма).

КӘЛВӘКИ *батк.* 1. кеби – сөзү эки ачалуу; *гәви кәлвәки чыкса, кәлтәк жейт*; 2. кошоматчы; *кәлвәкинин өмүрү узун боло веде?*

КӘЛГӨВ *жерг., батк.* токол уй; *биздин кәлгөв экөwдү тywдy.*

КӘЛДИК *пам., ноок., лейл.* бир нерсени баш жагынан тоголок, чолок кылып кесилгендегиси; *отунду кәлдик кылып кес, уwлум, кеткичең*; **кәлдик ур** *жерг.* кес, чолтойт*; талды кәлдик урдум.*

КӘЛДИКТӘ I *өзг., лейл.* келтектеп кыркып тегиздөө, кесүү; *талдарды кәлдиктәп койдум.*

КӘЛДИКТӘ II *пам.* бир нерсеге жүк артканда жүк оop түшүп калбас үчүн аркан менен алды – артынан байлап, чырмап коюу; *барып кары кишиге кәлдиктәп бер.*

КӘЛДИРМӘН *өзг.* келжирек; *жан казандын датын жалашкан деп кәлдирмән болбо.*

КӘЛЗӘРИП *лейл.* өрүктүн сыйда, тоголок келген, жергиликтүү бир түрү; *кетейин – кетвейин деген миймәндэн коркуп, кәлзәрипкә тойгозгончу* (тамаша сөздөн, балага карата).

КӘЛИН *батк.* түркүктүн алдына коюлуучу жаздык жыгач; *шунча кысам болову, кәлини?*

КӘЛИТ *жерг., батк., лейл., зам.* 1. ачкыч; *тил – жүрөктүн кәлити, дил – сүйүwдүн кәлити;* 2. килемге түшүрүлгөн ачкычтын көчөтү; *килемге йәм кәлит түшүрөвүз*; 3. жалпы эле кулпу (ачкычы менен); *апа, кәлитти кайда койдуңуз эле?*; 4. *батк.* кээ бир жерде үйдү сыртынан бекитип коё турган туура жыгач; *кәлиттин баласы жыгач ачкыч*; *кәлиттин баласы бовосо, сөwмөй менен ачмак беде?;* **кәлит бow** *пам.* кооз жиптерден өрүлүп сызылган чач учтук; *жидәә кәлит бow болот экен*; **кәлит курак** *лейл.* ачкыч сымал жасалган курак*; каркыра курак өттү,*

энди кәлит курак келет; **басма кәлит** *батк., эск.* өзү бекилип кала турган кулпу; *әә, әкә, басма кәлитти ниме кыласыз?;* **бурама кәлит** *жерг.* бурамалуу кулпуну ача турган ачкыч; **лөк кәлит** *батк., эск.* жыгачтан жасалган кулпунун бир түрү; **лөк кәлит** эски үйлөрдө бир эшиктин босогосуна үч тиш коюлуп жасалат; **чаначтын кәлити** *батк.* чаначтын оозуна тыгып коюп бекитүүнүн бир жолу; *чаначтын кәлитин мен билем*; ◊ **бакыт сандыкта, кәлити асманда** бакыт колунда анын бийиктеги ачкычын табыш үчүн күжүрмөн бол, күжүрмөн, иште деген мааниде айтылчу туюнтма.

КӘЛИТТӘ *лейл.* кулпулоо; *жаванга салып, кәлиттәп койовуз.*

КӘЛИТТӘШ *жерг.* короолош, эшиктеш, ачкычташ; *әэ жеңе, сиздер менен кәлиттәш экенбиз дә.*

КӘЛИШ *алб.* 1. чүкө ойнунда колдонула турган сөз; *кәл–кәл, кәл кәлиш*!; 2. *өзг.* чүкө ойнунда бири – бирине келтирип ойной турган бир түрү; *мен кәлиш гана ойноймун.*

КӘЛИШИМ *жерг.* кооз; *кәлишим топ, карасам жок* (таб.жылдыз).

КӘЛКАНА *карс.* баш ооруну дарылоочу жай; *ол кәлканадан айыгып келди.*

КӘЛЛӘ I *жерг., батк., ноок.* 1. баш; *кәлләни нимне көтөрүп жүрөсүң*?; 2. *өтм.* (кашык маанисинде) акылы аз; *кәлләси – бышпаган кәллә*; 3. келесоо, көк мээ; *о кәллә, кәлләсини көтөрүп жүрөвү*? (эркекмин деп басып жүрөт эә деген ойдо айтылчу туюнтма); **ат кәллә** *батк.* балдар эки топко бөлүнүп, жашыл таза талаага чалкадан жатып алышып, бутту түз сунуп, анан чүпүрөккө оролгон төрт – беш кг. оордукту эки колдоп баштан алыс ыргытып (бутту кыймылдатпайт) ойногон оюн; *ат кәллә ойнуда бири–бирини пәйләшәт* (кол – чыканак бүгүлбөйт, каптал – боор жерге тийбей жүк түз гана ыргытылат, оюн күч сыноого карай ойнолот); жоолук таштамай, же башка бир нерсени топ катары тээп ойногон оюн; *ат кәлләдә ырдашат же башка жазык кылышаттар*; **бөөрү кәллә** *жерг.* 1. кичине баш; *бөөрү кәлләгә тилим келип каган* (тилим өтөт); 2. *батк.* топтоголок келген, өңү сары коондун бир сорту; **гөш кәллә** *пам.* (кәлдә) *бакыт кайда, кәлити кайда дейт беде*?; **ит кәллә** *жерг.* ийленген ылайдын оңтойлуу кылып, чакан кесилгени; *лайды ит кәллә кылып кес*; **кам кәллә** *батк.* 1. быша элек чийки баш; *кам кәллә да пышпаган*; 2. *өтм.* турмуштун какыс – кокусуна тушүнө элек адам; *о кайдан билсин, әли кам кәллә да* (кээ бир жерде "хум кәллә" болуп айтылат); **топон кәллә** түшүнүгү начар; *бу топон кәлләгә ич тушүндүрә әлвәйсиң дә*; **хәр кәллә** ар бир жеке адам; *куйөw бала кегенде, сартараш башталганда хәр кәллә өз билгенини берет*; **чар кәллә** *бакт.* чоң баш; *о чар кәлләдә кыйал көп, жетик;* ◊ *кәлләгә ле жаңгак чагат шу балаң көп ыйлатпачы бу балаңды;* **кәлләгә жүк болду** *пам.* карып оорчулугу тийип жатат; **кәлләни кесип, тәнәдән кечирим суравайт** *жерг.* обу жок иш жасаба; *кәллә көтөрүп жүрөвү мыктымын деп басып жүрөбү*? **кәлләң күйгүр!** *зам.* үйүң күйгүр; *о, кәлләң күйгүр, имне деп жүрөсүн?*; **кәлләни салып жүрвө** шылкыйба; **кәлләни унга кошуп кайнатат** *жерг.* жөн эле бабырайт; **кәлләси жерге кирди** уят болду; *курут көрүп куw кәлләдән суw агавы?* жөн эле жанын таштап жибереби?; *бир кынга эки кылыч сыйвас, бир тавакка эки кәллә койвос ар нерсенин*

өз орду, ыгы бар (мунун: бир казанга эки кәллә салынбайт, бир кулакка эки сырга тагылвайт – деген түрү да бар); **хәр кәлләдә бир кыйал** ар кимдин өз билгени бар деген мааниде айтылчу туюнтма.

КӘЛЛӘ II *өзг.* тил эмизүү; *жалынсыз жүрүп жандадым, жакшы гәп әйтип кәлләдиң.*

КӘЛЛӘВӘРӘҢ *батк., зам.* 1. келесоо сөрөй, аңкоо сөрөй; *кәлләвәрәң бовосо шу ишти кыла веде?* 2. *ал.* кенебес; *сен бир кәлләвәрәң бово.*

КӘЛЛӘДӘР *жерг.* акылы бар, акылдуу, баштуу; *кәлләдәр десе жардан ашып кетпе.*

КӘЛЛӘК I *батк.* 1. дарак, алма – өрүк ж.б. бутак – шагын кесип алгандан кийинки баш жагы; *өрүк көчөтүңү каразан басыптыр, кәлләк уруп тәшәң;* 2. дүмүр; *талдан кәлләк уруп отун кыгыла.*

КӘЛЛӘК II *батк.* шалынын кылкансыз бир түрү; *кәлләк шалы болот.*

КӘЛЛӘКӘМ *бакт.* маңыроо, эси аз; *кәлләкәм девесин жандыктywдун жаныны багалы* (оокат кыла билели).

КӘЛЛӘКТӘ *батк.* «кәлләк» кылып кесүү кыюу; *тытты тәгидән кес десе, кәлләктәп койуптур.*

КӘЛЛӘМӘ *жерг.* жумуртка менен ундан жасалган куймак; *кәлләмәни жакшы жасайт.*

КӘЛЛӘПАЗ *жерг.* баш бышырган; *кәлләпаздан барып, эки – үч кәллә ал.*

КӘЛЛӘПӘТРӘҢ *пам., батк.* чакчелекей, башаламан; *не кыларды билвей кәлләпәтрәң болуп калды.*

КӘЛЛӘПУШ *жерг.* баш кийим; *бу чирәйлүw кәлләпушту кайдан алдын?*

КӘЛЛИН *батк.* үйдүн «торсундарынын» астына коюлуучу 25 – 30см. узундукта арааланган жыгач; *кәллин койвосо, торсун пәс боп кавайвы.*

КӘЛМӘЛӘШ *өзг.* ачылып сырдашуу; *кәлмәләшәр ич ким жок деве, көнүл шоктук кылва.*

КӘЛПӘТ I *батк.* тандыр жасаш үчүн атайын даярдалган нерсе; *олор кәлпәтти келтирип жатышат.*

КӘЛПӘТ II *батк.* 1. сыяк; *манаву чөмүчтүн кәлпәтигә окшош экен;* 2. тулку бой; *адамдын кәлпәти көзгө сүwүк көрүнбөйт.*

КӘЛПӘТИР *суз.* ичине сызык, пияз, май салып казанга бышырган нан; *бүгүн түштө кәлпәтир жасадым эде.*

КӘЛПИЙ *ал.* 1. сөлпүйүү; *алыстан голдоп келе жаткандын ичиде бирөwү кәлпийәт;* 2. кыйшаюу; *сен неге кәлпийип кагансың.*

КӘЛПИК *ал.* 1. сөлпү; *ашаткы болуп жашагыча ашуw ашып мал баккан жакшы, кәлпик;* 2. кыйшык; *ай, кәлпик тез бас.*

КӘЛПИҢДӘ *өзг.* кыйшактоо, тейтектөө; *сен көп кәлпиңдәвә.*

КӘЛПҮПҮП *батк.* сасык үпүп; *машайык үчүн төрт тәңгә деп, кәлпүпүпкө тап берве.*

КӘЛПҮШТӨК *алб.* кирпинин кичинеси; *кәлпүштөк талаада болот.*

КӘЛТӘ *жерг., батк., лейл.* 1. чолок; *гәви кәлтә;* 2. кыска; *саары кәлтә сыйыр экен;* 3. чоркок; *гәпкә кәлтә, сөзгө сөлтүк бово;* 4. тайыз, аз; *акылы кәлтә бәнд жейт, акылы терең кант жейт;* 5. кичине; *адамда кәлтә тил болот;* 6. өтм. тартынчаак; *кой, ол онун астыда кәлтә тил;* **кәлтә бow** *түшт.* бүркүттүн бутуна байлануучу кыска кайыш боо; **кәлтә боз** *өзг.* жыландын өнү боз, жоон келген бир түрү; *теңгени теше сүйлөйсүң, кәлтә бозду кармап көрчү;* **кәлтә кол** *лейл.* *суусу аз, чолок булак; кичик булак, кәлтә кол бар;* **кәлтә тиш** *лейл.* кетик; *ол кәлтә тиш экен;* **кәлтә түфәк** *зам.* кыска чачтоо; *кәлтә түфәк жәсәп,*

өмүрүң от болвосун; **бакайы кәлтә** арымы жок; *бакайы кәлтә тез басса йәм баары бир;* **гәзи кәлтә** *батк.* арымы кыска; *жакшылык жәән болгудай эде деп гәзи кәлтә йәм тилейт*; **колу кәлтә** мүмкүнчүлүгү аз; *колу кәлтә болуп келе алвады*; **кәм овкатка кәлтә орок** *батк.* жалкоо, арамза адамга карата айтылчу туюнтма.

КӘЛТӘЙ *суз., ноок.* кыскаруу, чолтоюу; *күн кәлтәйди, энди шу шум сагранын кәсәпәти тийвесе болду.*

КӘЛТӘК *жерг.* келтек; *акылга ишәәрәт, айванга кәлтәк*; ◊ **баашыңа кәлтәк!** көрбөгөндү көр, башыңа токмок; **душманын айаган өзү кәлтәк жейт** *пам.* душманды аябоо жөнүндөгү туюнтма; **халваны хәким жеди, кәлтәкти әким жеди** *жерг.* айран ичкен кутулду, жалаган тутулду деген мааниде айтылчу туюнтма.

КӘЛТӘКДӘР *жерг.* таягы бардык; *онун кәлтәкдәр болгонудан коркпо.*

КӘЛТӘКТӘ *пам.* 1. таяктоо; *чапсаң да жоголовойт, кәлтәктәсәң да жоголвойт* (таб.көлөкө); 2. бутоо; *тәмәкини кәлтәктәдим.*

КӘЛТӘЛИК *жерг., батк.* 1. кыскалык; *жолдун кәлтәлигиден тез жеттик*; 2. жапыздык, кичинелик; *бойдун кәлтәлигиден жетпеди.*

КӘЛТӘП *өзг.* чыгырык оюн; *балдар көчөдө кәлтәп ойноп жүрүшөт.*

КӘЛТӘР *батк., лейл.* чолтоюу; *көйнөк кәлтәрип кетти.*

КӘЛТӘЧӘ *жерг., батк., лейл.* 1. жука жендүү кемсел; *кәлтәчәңди бервей кәсәфәтинди шу жерде йәм көрсөтөйүн дединң беде?;* 2. бешмант; *кәлтәчәңә мәрвед тагып ал;* 3. күрмө; *кәлтәчәңә пахта салам деген гәвиңдин хәммәси рәс веде?;* 4. телогрейка, бушлат; *көп сөз көмүр ow – аз сөз алтын ow, шодон төрө үлуңдун ичи постун кәлтәчәсини көрсөтүңчү*; 5. фуфайка; *чопондор көп вахта мәгәзиннен кәлтәчә алаттар.*

КӘЛХӘТ *зам.* жору; *шу тапта кәлхәт жоголду йа?*

КӘМ I *алб.* тоонун жону, бели; *кәмдән ылдый түшкөн эле.*

КӘМ II *жерг.* дубалдын жепирилип түз болуп калган жери; *кәмгә тээп киргизебиз.*

КӘМ III *түшт.* 1. санак ишинде кандайдыр эсептин кеми, азы; *эки кәм оттуз* (жыйырма сегиз); 2. бир аз – бир аз; *тилиңди кәм–кем жыйа жүр*; 3. *ал.* баш – аяк болгондук; *эгерди жазданып кәм жатыш боло калышты*; **кәм–көс** кем – карч; *кәм–көс издеп талаа–түзгө кетти*; **кәми–кәмбагал** *тал.* томаяк, жарды; *кәми–кәмбагалдар сүйүнчүлөгөн эде* (бул атоо азыр эскиргендей сезилет); ◊ **кәм бово** эч качан жетишсиздикке учураба деген мааниде айтылчу туюнтма; **бири кәм дүнүйә** кандайдыр бир нерсенин жетишсиздигине, кемчилдигине өкүнгөндө, кейигенде, капа боло түшкөндө же алымсынбаганда айтыла калуучу туюнтма; **гәпти кәм сүйлө ишти көп көздө** сөздөн көрө мээнет кыл деген мааниде айтылчу туюнтма.

КӘМӘӘЧТӘН *ноок.* кежирленүү; *эмнеге кәмәәчтәнәсиң?*

КӘМӘК *өзг.* тиштин оюлган жери; *тил азардан дүнүйә безәр десе, камәгидән жел чыгат.*

КӘМӘКӘК *жерг.* азыраак; *тамактын тузу кәмәкәк болуптур.*

КӘМӘЛӘК *батк.* 1. күндүн жаасы; *күн ачылып, ол өйүздөн кәмәләк көрүндү;* 2. *жерг.* жаа; *кәмәләктәй пүктөвө, кәйкөw кылып көрсөтпө.*

КӘМӘЛӘТ *зам.* бойго жеткен; *кыз баралына жетсе, кәмәләт.*

КӘМӘНЧИ *жерг.* жол тоскон, жол бууган адам; *бәхәрдәги бегамдык күзгү пишәймәндик дейт, о кәмәнчи.*

КӘМӘР *жерг.* 1. териден көрктөлүп жасалган ат тердик; *кәмәрини оңдоп, аввал жоддош, онон жол деди;* 2. жалпы эле белге курчанган кур, сызма*; белиге кәмәр курчанган ботом;* 3. илгич; *кәмәриңди бекит*! **бөдөнө кәмәр** бетине күмүш кооздуктар бастырылган текмат; *бөдөнө кәмәр бовосо баркут кур әм курчанган эделер.*

КӘМӘТ *жжол.* силос көмүлө турган чуңкур; *мәкәни кәмәткә салат.*

КӘМӘПСӘЛӘ *лейл., батк.* бир нерсеге кызыкчылыгы аздык; *кәмәпсәлә боп каган да.*

КӘМБӘГӘРГӘРЧИЛИК *батк.* кембагалдык; *кәмбәгәрчиликтә мойну гөзөдөй болуш жәрәвәйт эде.*

КӘМДӘ шу кәмдә *пам.* ушул маалда; *былтыры шу кәмдә кар көп эде.*

КӘМЗӘРӘ *лейл.* чабал, жалтак; *мен кәмзәрә адаммын.*

КӘМЗИР *өзг.* чыптама, кемсел; *кызыл кәмзир кийген кыз* (бул сөз "кәмиздир, кәмзүр, камзуур, кәмзөл, кәмжир" болуп ар түрдүү айтыла берет); **колтук кәмзир** *жерг.* кичинекей чыптама; *колтук кәмзири бар го онун.*

КӘМИ *батк.* суюлуу, бириндөө; *эл айагы кәмиди.*

КӘМИЛ *батк.* эстүү – баштуу, акылдуу; *рәсә кәмил киши экен.*

КӘМИНӘ *лейл.* курбу, теңтуш, жан жолдош; *кәминәңиз сизди жүдә көп күттү.*

КӘМКӘК *ал.* тоодо өсө турган тикендүү өсүмдүктүн бир түрү; *кәмкәк эде сөзү.*

КӘМКИ *пам.* камкор; *күлгөндүн көргөну бар деди, о кәмки адам.*

КӘМНӘӘР *өзг.* тамакты аз ичкен киши; *кәмнәәр бово, өрүшдө кооз кечте ийләйт дегендей боот.*

КӘМНӘМӘ *батк., зам.* сейрек, аз; *көптөн бери биздикиге кевей кәмнәмә боп кеттиңиз го.*

КӘМНӘПӘЗ *пам., ноок., өзг., жерг.* 1. тамакка пейли тартпаган чабал; *тамак иче алваса, кәмнәпәз дейт;* 2. дем кыстыгып, катуу ооруп, сүйлөй албагандык; *оwруп кәмнәпәз болду;* 3. тартынчаак, жалтак; *сагыр эмеспи, кәмнәпәз экен.*

КӘМНОВМА *лейл.* көпкө көрүнбөй калгандык; *жаздан бери кәмновма болуп кеттиң дә.*

КӘМПӘ *зам.* кыска, чолок*; бедөw жылкың бар да белде жүр, кәмпә болвой.*

КӘМПӘМӘ *жерг.* түшүнүгү аз; *сен мынчалык кәмпәмә болупсун, бир келип – кетишке жаравадын.*

КӘМПИЙ *өзг.* үлдүрөө; *эми шунтип кәмпийип отурва.*

КӘМПИР *батк., лейл.* көбүнчө таштардын түбүнө өсүп, шишикке дары катары пайдаланылып келген өсүмдүктүн аты; *көзө күндө–күндө сынбайт күнү кегенде сынат, кәмпирди таппасаң бовойт*; **кәмпир алма** *түшт.* өңү ак, даамы таттуу, жумшак келген алманын сорту; *кәмпир алма мол болду*; **кәмпир жака** *зам.* көкүрөгү кең ачыла тургандай жасалган көйнөктүн жакасы*; кәмпир жака апанын этегиге салдык* (макул болдук); **кәмпир жыга чапмай** эск. сорпонун калпып алынган майына көөлөнгөн талкан; *апам кегиче кәмпир жыга чапмай кылалы* (азыр бул реалий эскирген); **кәмпир жыкма** *өзг.* сүзүлгөн бозонун анча күчтүү чыкпай калгандагысы; *кәмпир жыга бозосу бар тура* (азыр бул атоо эскирип калды); **кәмпирдин кейиши** кыштын күнү кар аралаш бороон –

чапкын, шамалдын жүрүшү; *бүтүн кәмпирдин кейиши башталды го*; **кәмпир коон** *алб.* сырты катуу, маңызы таттуу, өңү чаар ала коондун бар түрү; *бул кәмпир коонду сатып алдым*; **кәмпир көйнөк** *батк.* жакасы моюнга ылайыкташтырылып жасалган, көкүрөгү туюк, кенен, жеңи колдун учуна чейин жеткен узун көйнөк; *кәмпир көйнөк кийип алат*; **кәмпир көрдү** *пам., эск.* баласы токтобогон адам балалуу болгондо ырым кылып айылдагы эң кары жети кемпирдин бутунун арасынан баланы өткөрүүсү; (азыр мындай көрүнүш эскинин калдыгы катары жоюлду); **кәмпир муш** *батк.* какыраган адыр – будурга чыгып, өзөк тамыр алып, тамырдын жерге чыга бериш жеринде муштум сыяктуу тоголок алган, ысыкта жакшы өскөн, тогологунда муунак – муунак чач кылканчалары көп өсүмдүктүн аты; *кәмпир муштун гүлүнү көрвөдүм*; **кәмпир өлдү** *жерг.* үйлөнүү тоюнда күйөө жана күйөө жолдошторду кыз отурган үйгө киргизерде же кызды узатарда чоң эне (же башка бир эле кары кемпир) босогого туурасынан калп эле өлүмүш болуп жатып калып күйөө жолдошту ырдатып, күйөө баладан тыйын өндүрүп алуу жөрөлгөсү; *кәмпир өлдү деген бар*; (азыр бул көрүнүш жоюлду); **кәмпир–чал** жаш балдардын үй – бүлөлүк турмушту туурап, абышка – кемпир болуп ойногон ойну; **кәмпир чапан** *батк.* кичи кыска тамыр алып адырга чыккан, анча бийик өспөгөн, жалбырагы калың тегерек келип, бетине билинер – билинбес түк алып, бозомук өң алып, учунан кыпкызыл кичине гүл ачып өскөн өсүмдүктүн аты; *кәмпир чапандын дәрилик касийети бар*; **кәмпир чач** *өзг., суз., жжол.* тоонун кара күрөң топурактуу жерине, сазга, кээде чөл жерге топ – топ болуп, тоголок – тоголок түп байлап, анысы ар түрдүү түс алып, тарам – тарам өсүп, жылкы – кой жакшы жей турган, 20 – 30см. бийиктиктеги өсүмдүктүн аты; *илгери кәмпир чачты майдалап, сууга кайнатып, оозуга дәри кылган*; **кәмпир этек** *батк.* чакмак таш ойнунда этекке түшкөн ташты алуу үчүн айтылчу сөз; **әзиз кәмпир** *батк.* кээ бир жерлерде «жез кемпир» деп аталчу оюндун аты; *бизде әзиз кәмпир деген ойун бар эде, азыр ойнолвой калды; лейл.* ала чымчыктын бир түрү; *кәмпирдин дәрти гүзәдә* (ар кимдин өз дарты бар) *дейт ко, о әзиз кәмпиргә көңүл бура веде?*

КӘМСОВДА *батк.* алаңгазар; *ол әкә чын эле кәмсовда экен.*

КӘМСУУ *батк.* туткак; *колу кәмсуу эде, бир бәләәни кармап кетпесин.*

КӘМТӘР *зам.* 1. кичи пейил; *Ачыл агай абдан кәмтәр агай эде;* 2. жоош, момун; *үст жактан доөуш чыкса йәм сезбеди, кәмтәр дә;* 3. көңүл ачыктык, тыкандык; *– иштер кандай? – иштер кәмтәр, мен дә кәмтәр. – сен дә кәмтәрми? – ондо мен дә кәмтәр; мөн кәмтәр, сен кәмтәр, әммәси кәмтәр ойдогудай.*

КӘМШИЙ *өзг.* кыйшыюу; *кәмшийвәй түз бас.*

КӘНӘ *батк., лейл.* 1. кене; *кәнә малдын каныны сорот*; 2. *жерг.* кара курт; *кәнә тийсе, каталак болсо, сыйырдын сәзәйи жетет*; **таш кәнә** *ал.* кененин денеге жабышып чыкпай коё турган майда, кичинекей бир түрү.

КӘНӘДӘН *батк.* кокус, непаадам; *кәнәдән эмчектин каны таттуу, жалкоодун жаны таттуу дейт бедең?* (кээде "кенеден" болуп да айтылат).

КӘНӘВӘ *лейл.* сайманын үлгүсү сайылган материал; *ол каптарга суw койсун, сен кәнәвәгә кәштә түшүр.*

КӘНӘДӘН *лейл.* кокустан; *кәнәдән бар пәләкәт бовосун.*

КӘНӘП *батк.* 1. кенеп; *кәнәп аргамжы үзүлүп кетти*; 2. тамеки тизүү үчүн даярдалган узун, ичке жип; *тәмәкини кәнәдкә тизип өткөрөт*; **басма кәнәп** *батк.* гүлдүү оромол жоолуктун бир түрү; *басма кәнәп пәбрикеден чыгат.*

КӘНӘЧИ *лейл., эск.* илгери малга кене жабышып, дарт көбөйгөн кезде кененин өзүн жанчып, сууга чылап, анан кайра малга бүркүп дарылаган адам; *бир кәнәчини бараванын кага берве деп* (жөн эле чарк айланба деп) *урушкан экендер* (азыр мындай көрүнүш жок)

КӘНДӘ I *батк.* талаа станы; *бүгүн бешинчи биригәттин кәндәсиндә мәйлис болду.*

КӘНДӘ II *батк.* бир пейилден жазбагандык; бир өнөкөттөн жаңылбагандык; *сен кәндә кывай барып турсаң болот.*

КӘНДИК *лейл., батк.* 1. үйдүн ички бооруна дан сактоо үчүн жасалган кампача; *кәндиктән аты жем жеген, гәвини элге бервеген;* 2. *жерг., батк.* кичинекей үйчө; дан, отун ж.б. майда – чүйдө коюла турган жай; *кәндиктәги күрөктү алып кой*; 3. *зам.* ороо; *кәндик толо түшүм алдык.*

КӘНИГИ *өзг.* мыкты; *кәниги салынган үй.*

КӘНИГИЛЕ *өзг.* мыктылоо; *кәнигилеп иштеп бүтүр.*

КӘНИЗӘК *өзг., эск.* илгерки хан кызынын кызматын аткарган кыз; *кыздардын ичидеги бир кәнизәк уwлуң улан, кызың жуван болор дейт* (азыр бул сөз колдонулбайт ал "кәниз, кинзәк, кинизәк" деген түрлөрдө да айтылган).

КӘНКИЙ *өзг.* делдейүү; *оwзуну ачып, кәнкийвей жүр.*

КӘННӘЙ *лейл., өзг., батк.* керней; *кәннәй – суннәй тартат да;* ◊ **кәннәйчидән бир бап** *батк.* тобокел.

КӘҢГИЛ *батк.* 1. ичи тар; ач көз; какбаш, мастен; *жүдә кәнгил адам экен дә;* 2. абдан картайган адам; *о кәңгил бүкчүңдөп келатат.*

КӘҢГИР *батк.* келесоо; *кәңгир жигит девесин.*

КӘНИЗ *өзг.* дейди; *сен кәниз боп калва.*

КӘҢИЛЖӘӘР *пам.* мурундун үстүнө чикиттин балакайын койгонсуп, анан түшүрүп чабуу учуру; *дартсыздын астыда башым десең, кәңилжәәрди чава алвайсын.*

КӘҢИРӘЙ *пам.* эдирейүү; *эчки койго сын тагат, куйругуга кыл тагат деп кәңирәйәт.*

КӘҢШӘӘР *батк.* кеңилжээр; *кәңшәәрини жел жеп койуптурву?*

КӘҢШӘР *батк.* белче; *ой, дулас, чарыкты кәңшәридән баспай, жакшы кий.*

КӘП I *лейл., батк.* 1. алакан; кошууч, бир ууч нерсе; *бир муштан кылса өлтүрөт, бир кәптән кылса толтурат*; 2. *зам.* буттун же бут кийимдин таманы.

КӘП II *пам.* дароо, шап; *койду кәп кармай калды.*

КӘП III *батк.* араандай; *оwзуну кәп ачып, онон жән берди.*

КӘПӘ I *өзг.* 1. алачык; *шагы ийилип эле кәпә болуп калган*; 2. *өтм. жерг.* жака тарап (жайлоо деген сөзгө карата антоним иретинде колдонулат) *жәйlowдон кәпәгә түшүп кеттилер*; 3. *өтм. ноок.* тууралжыны чыккан, семиз; *тампайып ол кәпә йам келе жатат;* **арча кәпә** *жерг.* жайлоо жерлерде арчанын жыгач, бутактарынан жасалган кепе; *арча кәпәгә барвайсыңбы?*; **бардан кәпә**

лейл. камыш алачык; *бардан кәпәгә келип отурду*; **жер кәпә** *батк.* жер үй, жер там, **жер кәпә**; *жер кәпәгә йәм бири айдан, бири сайдан келе вереттер;* **ит кәпә** *өзг.* эптеп эле жүрнары кылып салынган жер төлө; *бир ит кәпө салган экен*; **кас кәпә** *зам.* чөп алачык; *кас кәпәдә да үйдүн көркү – алачык*; **козу кәпә** *жерг.* козу камай турган күпкө; *козу кәпәдә козу байланып турат* (ошондой эле "торпок кәпә, сыйыр кәпә деген сөздөр бар); **сасык кәпә** *батк.* башына топ бүр байлап, сабагы жоон сымал келип, өңү каралжын бозомтук тарткан өсүмдүктүн аты; *сасык кәпәни мал жей верет*; **кәпә жыгылды, кәпә тикти** топ балдардын ичинен бирөө төрт аяктап туруп, калгандары биринин жонуна бири ыргып минип ойногон оюн; *кәпә жыгылды ойну энди эскирип калды;* **кәпәси өрттөндү** аябай суусады; *кәпәси күйдү ичи ыз-тыз болду, ичи ачышты.*

КӘПӘ II *лейл.* кокус, чукул; *кәпәдән сураса, айтпайт.*

КӘПӘ III *жерг.* ысык өтүп ооруп калгандык; *кәпә болуп ожрудү.*

КӘПӘГӘЗӘК *батк.* ысылы – сууктан пайда болгон оорунун аты; *ат кәллә ойноп жүрүп кәпәгәзәк болду.*

КӘПӘГӘЗӘК *лейл.* кабылдоо; *жарасы кәпәгәзәктәп кетиптир дуктурга барваса бовойт.*

КӘПӘЙ *батк.* чандаюу; *кәпәйип тойуп алды.*

КӘПӘК *өзг.* кошомат; *сен мага пәйил кәпәк болвой нары тур.*

КӘПӘКИ *батк.* таш таман; *Ашым кәпәки кактыы.*

КӘПӘКИЛӘТ *батк.* таш тамандатуу; *мен өтүгүмдү кәпәкиләттим.*

КӘПӘЛӘК *зам.* байкоосуздан келе жатып чочуп, же ээн жерде кокусунан бетме – бет бир жан чыга калганда үрөй учуп коркондукту, жүрөк түшкөндүктү туюндуруучу сөз; *бу йакта ниме кылып жүрөсүн, адеп көргөндө жидә кәпәләгим учуп кетти.*

КӘПӘР *батк.* өтө эле, абдан эле; *овкатыңнын тузу кәпәр аччык.*

КӘПӘРӘТИП: **кәпәрәтивиңә калвайын** *батк.* убалыңа калбайын.

КӘПӘРИ *ноок.* талапкер, ынтызар; *кәпәри ыстык чарчы курга* (эки чети саймаланган кооз материал кур) *хуштар.*

КӘПӘТ *батк.* уучтап оозго бир нерсе салуу; *талканды кәпәтип-кәпәтип жеди* ("оозго салуу" деген сөз одоно угулат).

КӘПӘЧИ *жерг.* жатакчы; *әпәчинин гәвини караң, "өлөндүw жерде өгүз семирет" – дейт.*

КӘПЖӘЛӘ *батк., ал.* өтө курчуу; *пычагым кәпжәләп турат.*

КӘПИЗӘЛӘЛ *батк.* пайдасыз, пайдасы жок; *сен таза кәпизәләл болуп кетпе.*

КӘПИШИНДӘ *зам.* тытмалоо, мүлжүү; *кашаңдай кайышкак, кәпишиндә.*

КӘПКӘТТӘМӘ *лейл.* чоп – чоң; *кәпкәттәмәнин ийләгәни жаман экен.*

КӘПКИР I *өзг., зам., жерг.* 1. казан кыргыч; *кәпкир менен кырып ал (*айрым кәвкир, көпкүр, кәпкир, кепкил, кәпкүл, кәпкил, кәпкүр кәпкүүр" болуп да айтылат) ; 2. *өзг., зам.* сузгуч, сүзгүч; *кәпкириңди бериң боорсок пышырайын*; 3. *суз.* чигит суза турган буюмдун аты; *кәпкир кантип ич кимде бовосун, чигит сузатка.*

КӘПКИР II *жерг.* стрелка; *сааттын кәпкириндәй шашып калыпсың.*

КӘППӘН *түшт.* 1. базарда соода кылгандар отура турган жерге кыркаар тартылган чумбөт, же

бастырма, сере; *Ош базарындагы кәппәнчи?*; 2. базардагы дан – ун сатыла турган аянт, жер; *кәппәнгә кирип чыгалы, шалы бардыр.*

КӘПСӘН *суз.* жаңгактын түшүмүн жыйнап жатканда барып калган адамга берилген сый; *кокон ээрченге кәпсән берди.*

КӘПТӘЙ *пам.* дапдаяр; *Ашым кәптәй болуп туруптур.*

КӘПТӘР I *батк., эск.* бирөөнүн кол – буттарын керип, тамашалап ойногон оюндун аты; *кәптәрди бүрөwгө күлүш үчүн ойночу эдө, азыр ойнолвойт;* **кәптәр мойун** *лейл.* 1. жүзүмдүн даамдуу келген бир түрүнүн аты; *өмүрү кәптәр мойун өстүрүп, энди колго түшүп калыптыр* (ооруп тилден калыптыр); 2. *батк.* кооз жоолуктун бир түрү; *жаннетегиден башканын бәәри Үч–Коргондун базарыда, кәптәр мойун да бар;* **кәптәр кагылыш** тийише кеткендик, кагылыша калгандык; **кәптәр учуруw** жаш баланы тамаша кылып күлүш үчүн ойнолчу оюндун аты.

КӘПТӘР II *өзг.* жашылча, мөмө – жемиш кабыл алуучу жай; *бәәриңди бириктирсе бир кетменге сап болор бекенсиңер, бар, барып кәптәргә өткөзүп кел ону.*

КӘПТИ *зам.* буттун кетмениндеги баш тарап; *кызыл баштын кәптисин караң.*

КӘПЧИЙ *зам.* обор ачуу; *кәпчийип әзәли тойводу.*

КӘПЧИК *зам.* соргок; *пышканда кәпчикке бир кәди бер.*

КӘПШӘР *ноок.* каң; *темир буйумду кәпшәр кылат.*

КӘПШӘРЛӘ *батк.* темирди ширетүү; *жалама towдон отун гүлаткансывай кәпшәрлә.*

КӘПШӘТ: кәпшәтиң богур! *батк.* каргап жемелегенде, «аа, жарыбагыр!» деген мааниде колдонулчу сырдык сөз; *башыңнан кагыр, кәпшәтин богурду апкетпей маңа тәшәп койуптур.*

КӘР I *батк., лейл.* 1. дүлөй; *кәрдин кәрдәйи болот, көңүлүндө зәрдәри болот:* 2. *өтм.* жараксыз; *буйумуң кәргә жәрәвәйт;* **кәр кулак** 1. *батк.* узун куйрук, ичке тумшук, башында чачы бар чымчыктын бир түрү; *кәр кулак сайда болот, бу жерде бовойт;* 2. жер дүлөй; *кәр кулактан чаң чыгат.*

КӘР II *батк.* таасир; *ого окшогонго гәп кәр кывайт.*

КӘР III *пам.* кол араа, майда – чүйдө иш; *кәмпир баккан бала кәргә жәрәди;* ◊ **кәргә турвайт** *пам.* түккө жарабайт; *онову кәргә турвайт* (*"кәргә жаравайт"* болуп айтылат*); укпасаң кәр кавайсың;* укпасаң кысыр калбайсың; ◊ **иштин кәрини бил** *батк.* иштин көзүн тааны.

КӘРӘ I *батк.* тор; *менде кәрә–кәрә сызык дептер бар.*

КӘРӘ II *жерг., батк.* жадывал; *зоw башыда бир түп чәңгәл девей, кәрәни жадыңа түй.*

КӘРӘЭТ I *батк.* улгайган адам; *Калвай кәрәәт шондой дейт эде.*

КӘРӘӘТ II *батк.* 1. башты айландыргандык; *байагы дәри энди кәрәәт кылды*; 2. кумар; *нәстин кәрәәти менен жүрөт.*

КӘРӘӘТӘ *батк.* 1. башы айлануу; *гүлдүңдап кәрәәттәп калыптыр*; 2. эстен тануу; *оwруп кәрәәттап жатат.*

КӘРӘЙ *батк.* кекирейүү; *өзүдөн башка киши жоктой кәрәйәт.*

КӘРӘЙДИН *өзг.* каза болгондук; *ол адам кәрәйдин боптур.*

КӘРӘК I *батк.* 1. кекирейген сылаң короз; *кәрәктин бара жатканыны караң*; 2. бирөөнүн сөзүн укпай, өзүнүн сөзүн гана сөз

деген адам; *о кәрәк тәгеле сөз бервейт, ондо гәп болову?;* 3. *пам.* чулдур; *каш койом деп көз чыгарвасын дейт о кәрәк.*

КӘРӘК II *зам.* баш айланып зыңылдап, кандайдыр бир тегеренгенсип ооругандык; *баашым әнчә кәрәк болуп турат.*

КӘРӘК III *лейл.* бийик өсүүчү тикенек өсүмдүктүн бир түрү; *курт–кумурскага кудайы кылса йәм кәрәк басып кетиптир.*

КӘРӘКТӘ *пам.* чулдурлоо; *бәчә, нимне эле кәрәктәп жатасың?*

КӘРӘМ *жерг.* капуста; *кәрәм шорво ичип ал;* ◊ **пышпаган кәрәмгә от жакпа** болбогон ишке киришпе.

КӘРӘМ II *зам.* пейил; *кәрәми кең адам дасторкон жыйарыдан айавайт* (илгери тойдо элге тамак берип, анан идиш – аякты жыйып – тазалап, дасторкон жыйгандыгы үчүн берилген акы, азыр мындай көрүнүш жок).

КӘРӘМШӘ *жерг.* ойсоңдогондук, кубулжугандык, бирөөгө жакшы көрүнүүгө тырышкандык; *көп нозу кәрәмшә кывай бери келип отур, отурвасаң чыгып жогол!*

КӘРӘНДӘ *батк.* 1. көз каранды; *айаздагы әридәй тырышпа, бәәри бир маңа кәрәндәсиң*: 2. бой көтөрмө; *көр адам көр инден чыкса йәм кәрәндә бово*: 3. битир, сараң; *жүдә кәрәндә киши экен;* 4. көйрөң, жасакер; *кичине туруп кәрәндә болуп алыптыр;* 5. *жерг.* такылдак, жалкоо; *иш кываган кәрәндә тура* (кээде "кәрчәндә" болуп айтылат)

КӘРӘНДӘГӘРЧИЛИК *батк.* тоң моюндук; *билгенин» әйтпәй кәрәндәгәрчилик кыган.*

КӘРӘНДӘЛИК *ноок.* сылаңкороздук; *кәрәндәлигиңди койуп. ишинди түзүктө.*

КӘРӘНДӘЧИЛИК *батк., өзг.* сылаңкороздук; *кәрәндәчилик кылвастан күрөктү алсаң болот эде.*

КӘРӘН *суз.* дүлөй; *кәрәң болуп калат экен.*

КӘРӘПТӘ *лейл.* өз оокатына тың; *әә, Сәйип кәрәптәнин дәвләти әнчә.*

КӘРӘШ *сүл.* каңырыш; *онун баласы кәрәшпи?*

КӘРВӘК *жерг.* жалбырагы чоң – чоң келип, ошол жалбыракты тамакка колдонууга жарай турган өсүмдүктүн аты; *кәрвәк оо Шаартузда өсөт.*

КӘРВӘН *өзг.* кербен; *так–тук этет, тәгидән кәрвән өтөт.*

КӘРГӘНДӘ *ал.* сөзгө устат, чыйрак; *ол кәргәндә, сөз таап кутулуп кетет.*

КӘРГӘНДӘЛИК *ал.* сөзгө устаттык, чыйрактык; *кәргәндәлигиңдән гәпкә жыгылвайсың.*

КӘРДӘ: **нәзәр кәрдә** *батк.* 1. көңүл бөлгөндүк; *нәзәр кәрдә болуп турат сый күткөнсүп*; 2. *өтм.* кандайдыр бир алкыш тийип өзгөчө «касиетке» ээ болгондук; *атасыдан алкыш өткөн нәзәр кәрдә ол.*

КӘРИК I *жерг.* 1. майрык; *кәрик чалды өңгүрөйт деп ойловоду*; 2. тайтак бут; *бизде бир кәрик ат бар эде;* 3. *жжол.* чоркок; *сөзгө эптеп сүйлөй алвайт, ол кәрик.*

КӘРИК II *жжол.* ач көз, сараң; *бу кәриктән башканы күтпө.*

КӘРИП *жерг.* болжол; *кәриви бир киләметир чыгат.*

КӘРКӘН *батк.* бир жагы керки сымал, бир жагы чукулдук өңдүү аспап; *кәркәниңди берип тур, отунга барайын.*

КӘРКӘНӘ *зам.* майда – чүйдө сатыла турган орун, жай; *ондой бир нерсе сатыла турган жер кәркәнә болот.*

КӘРКӘНӘК *батк.* өңү кызыл кара, тумшугу ак, тулкусу сүйрүчө келип, буту бир аз узун болгон ала

чымчыктан кичирээк канаттуунун аты; *кәркәнәк шалы өскөн сувлуw жерде көп болот.*

КӘРКУЛАК *батк.* жер дүлөй; *койду карап айдагын кәркулак жеп өлвөсүн.*

КӘРНӘЙЧИ *жерг.* кернейчи; *ишини кыган кәрнәйчи, бәләәгә каган оурнайчы.*

КӘРРӘ *лейл.* ирет, мертебе, жолу; *мәгәзингә эки кәррә барды.*

КӘРСӘНДӘР *пам.* такмазачы; *ол шондой кәрсәндәр.*

КӘРСӘНДӘРЛИК *пам.* такмазалык, каяшачылдык; *мунун кәрсәндәрлигини карачы.*

КӘРТ I *батк.* коон – дарбыздын кичирээк – кичирээк кылып кесилген кесиндиси; *дарвызды кәрт кылып да кесет*; (кээде "кәрч" болуп да айтылат).

КӘРТ II *жерг.* 1. чоң жыгач, буюм; *кәрттә отуруп шалы тазалады;* 2. табыт; *өзүң элпек болсоң жегениң челпек болот деп жүрүп ол да кәрткә жатты;* **кәрт сөрү** *батк.* чарпая; *кәрт сөрүнү көлөкө жерге койуп, дәм алат.*

КӘРТИШКӘПУРУШ *ар.* картошка сатып, соода кылган адам; *кәртишкәпуруш катын кәртәсин ачты.*

КӘРЧӘНДӘ *зам.* 1. жетик; *ол кәрчәндә кештесини келтирип сүйлөйт*; 2. бой көтөрмө; *ол кәрчәндәни караң, өлүк жолворстон тирик түлкү дейт*; 3. такылдак; *тегирмен ташыдан пүтүн чыккан кәрчәндә го*; 4. *өтм.* жалкоо; *сенен – сәләм, менен – әлик деп басып жүргөн кәрчәндә бово.*

КӘРЧӘНДӘЛИК *жерг.* 1. бой көтөргөндүк, сылаңкороздук; *сенин кәрчәндәлигиң бул жерге өтпөйт*; 2. жалкоолук; *кана, кәрчәндәлик кывай бойлогунчу, чукурлугу канча экен биз дә билип алалы.*

КӘС *жерг.* үйдүн ички жээги; *кәстә асылып турган не?*

КӘСӘ *батк.* 1. дарбыз, коондун экиге бөлүнгөн тилиндисинин ички маңызы алынгандан кийинки чөйчөкчөсү; 2. өрүктүн бышкан учурда эти сөөгүнөн ажырап калгандагысы; *өрук кәсә болуптур;* 3. тегирмендин кулагы; *кәсәнин кулагын көтөрүп кой;* **аш кәсә** *батк.* чоподон кооздолуп жасалган чоң кесе; *бир аш кәсә алып келди*; **әжир кәсә** *түшт.* кум менен чопо аралаштырылып жасалган карапа чыны, кесе; *әжир кәсә аларыңды билбедим*; **гур кесе** *зам.* ичи чуңкур келген кесенин бир түрү; *гур кәсә менен эки кәсә кымыз ичти;* **жазык кәсә** *ноок.* «үйүлүшкө» катышкан адамдарды жазага тартуу үчүн атайын аякка өзүнчө куйган кымыз; *жазык кәсәни буйрук менен берет;* **жам кәсә** тайпакай тепши, чоң табак; *жам кәсө, пайтама, мамакәс, чаркап, бәләнт дейвиз;* **зараң кәсә** *өзг.* "зараң" жыгачынан оюлуп жасалган аяк; *конок койдон жоош. зараң кәсәгә куйсаң да, пийәләгә куйсаң да иче верет*; **кавыш кәсә** *ноок.* кымыз, бозо ичүүдө эки аякты тынбай же бир аяктаганы жутуп жатканда экинчи аяктагыны анын үстүнө куюп, адамга дем алдырбай ичирүү; *кавыш кәсә ичмей башташат*; **кырланч кәсә** жээгине кырбу салынган чуңкур аяк; **лай кәсә** чоподон бышырылып жасалган аяк; *лай кәсәдән суw ичип болову?* **мәйин кәсә** *пам., жерг.* сырдалып жасалган жука кооз аяк; *мәйин кәсә шырмал дейвиз*; **мейман кәсә** *ад.* мейманга арнап кымз куюп ичирүү салты; *мейман кәсә алып келип ичирди*; **сапал кәсә** *лейл.* чоподон жасалган идиш; *апиче сапал кәсәгә куйуң дейвиз*; **сырдуw кәсә** сыр аяк; *сырдуw кәсәни айтып*

бердим; **таш кәсә** *өзг.* чоподон, кумдан жасалган кесе; *таш кәсәни чокко кой;* **темир кәсә** *лейл., батк.* аллюминий кесе; *бир темир кәсә көчө ичтим;* **чемдир, чилдир кәсә** *жерг.* бөйрөктүү ак кесе; *чий түвүдө чилдир кесе* (таб. жумуртка); **чыны кәсә** *лейл.* фарфордон жасалган сапаттуу, гүлдүү кесе; *мәгәзанге чыны кәсә келиптир*; **шаа кәсә** чоң чыны; *шаа кәсә менен сунду,* **кәсәгә аш куймай** чакмак таш ойнунда таштарды жерге чачып, анан ок таш түшкүчө жердегилерди бирден терип сол колго салып ойноо көрүнүшү; **кәсә жеттиви**? *ноок.* үйүлүштә «кәсәкүлгө» отурган адам кымыз ичтиби деген мааниде берүүчү суроо сөзү; ◊ **кәр кәсәсини бир мәртә жоготот** *жерг.* сокур таягын бир жоготсо бүткөнү деген мааниде айтылчу туюнтма**; сапал кәсә – саз кәсә, атала куйса аз кәс**ә; кандайдыр бир нерсеге анча арзыбай, тоё бербей калганда айтылчу туюнтма.

КӘСӘВӘ *жерг.* кесип, өнөр; *жигитке миң кәсәвә аздык кылат.*

КӘСӘГӘР *лейл.* 1. чоподон идиш жасаган адам; *Howдун кәсәгәрләри дурус окшойт, буйумдары бежырым*; 2. *пам.* тамак куюлган идишти сунган киши; *идиш сунган кәсәгәр кайда?*

КӘСӘГҮЛ *ал.* 1. көп адам отуруп (жоро, үлүш ж.б.) «жазык» уюштуруп, кымыз ичкенде адеп бир нече идиштеги кымызды кыдырата таркатып турган жана аны баштап жуткан киши; *кәсәгүл, күйөwдүн маңдайыны тердетпең*; (ага тиешелүү укук жана кызмат болот); 2. сыр аяктын элесин берген сайма; *өзүдөн тын.*

КӘСӘЙ *пам.* шашылыш келген кезек, ирет; *эмдиги новат – биздики, кәсәй новат келдики.*

КӘСӘК: **сассык кәсәк** *батк.* өрүктүн арасында жүрүүчү, сасык жыт чыгарган курт – кумурсканын бир түрү; *коңшуң тынч болсо – өзуң тынч, сассык кәсәктэн онуңду тазала*; **суw кәсәк** мөмөсү суулуу келип, бирок как болгондо начар болуп кургаган өрүктүн түрү; *онун бардыгы ле суw кәсәк экен;*

КӘСӘЛ *түшт.* 1. кесел, оору; *кәсәл киши экен*; 2. кайран; *ә, кәсәл әйә!*; 3. *балакет оой; әй, кәсәл әәй, шу шундай экен!:* 4. *алб.* эргул, кыйын*; и, кәсәл, сен дә шу жерде белең?*; **әйләмә кәсәл** *түшт.* түйнөк оорусу; *кызгалдакты кеп жесе әйләмә кәсәл болот*; **зыл кәсәл** *жерг.* күйүт; *зыл кәсәлдән owруду;* **өпкө кәсәл** *лейл.* учук; *бир шердин өлүгү жүз бөөрүнү тойгузат деп жүрүп, өпкө кәсәл болду*; **таш кәсәл** Ош жибек куртунун сууктан улам пайда болгон оорусу; *таш кәсәл – өтө нымдуулуктан курттарга тийет;* **эй кәсәл әәй!** кайран оой, балакет оой (таң калганда же какшыктаганда айтылат); **кәсәл сокто** *батк.* оорудан таза айыга албай кайра – кайрә сыркоологондук; *ол кәсәл сокто болуп жүрөт*; ◊ **кәсәл кәсәл эмес, кәсәлди баккан кәсәл** ооруу баккан оору болот деген мааниде айтылчу туюнтма (бул туюнтма "жаткан кәсәл эмес, баккан кәсәл" деген түрдө да айтылат); *кәсәл жандын хәрәкәтидә, совдагер пулдун хәрәкәтидә*; ар ким өз иши менен алек деген мааниде айтылчу туюнтма; *кәсәлдин келиши арзан, кетиши кыйын* ар кимге оору тилебе, анын арты оор болот деген мааниде айтылчу туюнтма (бул туюнтма "кәсәлдин келиши асант, кетиши зор" деген түрдө да айтылат" "оору болмок оңой, айыкмак азап" деген маани берет); **кәсәлдин түзөлгүсү келсе, тавып өз айагы**

менен келет *зам.* айыгар оорунун дарысы өзүнөн өзү табылат деген мааниде айтылчу туюнтма; **базар кәсәл болду** соода өтпөй калды; **кәрмән кәсәл** *өзг., зам.* акча жок; *кәрмән кәсәл болвосо, мен мындай кылвайт эдем;* **жүрөккө тийген кәсәл өлгөндө йәм кетпейт** айыкпас дарт өлгөндө да айыкпайт; ачык айтпаса, жүрөктөгү зил кетпейт деген мааниде айтылчу туюнтма (бул туюнтма "жүрөккө каткан кәсәл өлгөндө да кетпейт" болуп айтылат); **оксуз мерген ата албайт, онтосо кәсәл жәтә әлвәйт** аргасыз иш аткарылбайт, аябай ооруган киши тынч боло албайт деген мааниде айтылчу туюнтма.

КӘСӘЛДӘ *түшт.* ооруп калуу; *бир айдан бери кәсәлдәп жатат.*

КӘСӘЛДӘР *зам.* оорулуу; *атасы йәм, апасы йәм кәсәлдәр.*

КӘСӘЛМӘН *түшт.* оорукчан; *сәәл кәсәлмәнмин.*

КӘСӘЛХӘНӘ *лейл.* оорукана; *кәсәлхәнәдә жатат.*

КӘСӘПӘТ *өзг.* кесепет; *мен бул кәсәпәт менен сүйлөшпөйм.*

КӘСӘПКАНА *түшт.* мал союп, эт сатат турган жай; *кәсәпканада жакшыгана гөш бар экен.*

КӘСӘЧӘ *жерг.* чоюн эрип куюлуп түшө турган идишче; *кәсәчәнин түп жағыда тешик болот.*

КӘСӘЧИ *жерг.* жыгачтан ар кыл идиш – аяк жасаган адам; *кәсәчигә жуwчу тон берген дешеттер.*

КӘСИП *батк.* кыл тамак, бир ичеги; *сен кәсипкә окшоп калыпсың.*

КӘСИРИК *жерг.* түсү камышка окшош өсүмдүк; *кәсирикти чүкүрүдөй ааречып жейт* (Шаартуз тарапта өсөт).

КӘСКӘЛДӘК *батк.* кескелдирик; *кәскәлдәк әм көрүмбөй калат.*

КӘСКӘЛДИРИК *батк.* бел жоолук; *кәскәлдириңизгә түйүп алың.*

КӘСКИ I *батк.* «боллон» деп аталган жандыктын экинчи аты; *кәски дегенивиз арыс чычкандан кәттә болот.*

КӘСКИ II *ал.* корс, орой; 1. *сен бир эле кәски экенсиң*; 2. *суз.* кежир; *ол кәски жигит боптур*; 3. *батк.* ууру; *шунча кәски болсо, азавыны бер.*

КӘСКИ III *пам.* азамат, эр; *ого көп тийишпе, ол кәски.*

КӘСКИЛИК *пам.* азаматтык; *кәскилигидән улакты алып чыкты.*

КӘСМӘР *лейл.* көбүргөн жара; *кастык менен кармасам, кәсмәр болсун шу колум.*

КӘСМИ *лейл.* кесип; *кываган кәсмиң шу калдывы?*

КӘТӘЙ I *батк.* кодо, эргежел; *ол кәтәй уста болуп иштейт.*

КӘТӘЙ II *батк.* былк этпей, ордунан козголбой тоотпогонсуу; *әәринин уйугуга тийишпе деп койуп кәтәйип отурат.*

КӘТӘК I *лейл., батк., жерг.* кездеменин түрү; *кәтәк көйнөк кийген киши го*; **кәтәк жол** *түшт.* чаар ала сызык; **кәтәк жоолук** *жжол.* марля сымал жалаң жоолук.

КӘТӘК II *жерг.* үстү топурак, асты жер там; *бир жылдык кышты кыштасам, кәтәк куруп берем;* **ит кәтәк** *пам.* ит жата тургандай коңул; *кышында итке бир ит кәтөк имерип койвосо бовойт;* **козу кәтәк** *жерг.* жаңы туулган козулар үчүн жасап койгон жай, орун; *үй ичиде козу кәтәк, әврез, чайлек болор эде.*

КӘТӘП *батк.* лөк төөгө ком катары коюлуучу токум; *төwдө жааз, кәтәп, оосар, ком болот.*

КӘТӘЦ *батк.* териден (көбүнчө козу – улактын терисинен); аябай ийленип, жумшакталып жасалган кичине чанакча, тери баштыкча; *кәтәцкә мәйдә – чүйдә салынат дә.*

КӘТИ *жерг.* бирге, биргелешип; *мени менен кәти ким барат?*

КӘТИК: **кәми кәтик** *батк.* жок нерселер, кемчил нерселер; *көрөлек пейиштен көргөн дозогуң жакшывы?; жакшы болсо кәми кәтигини толукта.*

КӘТИРӘК *жерг.* кетирекей; *муруну кәтирек бала.*

КӘТРӘЗ *батк.* залкар, чулу бийик зоо; *кәтрәз towgo ыраң өспөйт.*

КӘТТӘ *түшт.* 1. чоң, зор, улуу; *кәттә баласы шаарда окуйт;* 2. ири, узун, терең; *кәттә кәнәл курдурду;* 3. алдуу, күчтүү; *жырткычтардын кәттәси;* 4. чоң кызматкер; *о, ол азыр кәттә;* 5. сайкашка, чыгаан; *күлүктөрдүн кәттәси шол;* 6. өкүм; *олордун кәттә сүйлөткөн korowgogy байлыгы;* **кәттә ата** *түшт.* чоң ата; *кәттә атам керектүw таштын оордугу жок дейт;* **кәттә коргон** *суз.* жүзүмдүн мөмөсү ири, чоң, сүйрү, түсү ачык жашыл, сулпу эттүү да, чыктуу да, даамдуу да келип, бир сабагы беш – алты кг. жете турган сорту; *кәттә коргондон узә элекпиз;* **кәттә кур** *зам.* чоң кырчоо, сызма; *кәттә кур менен чийди бастыра байлайт;* **кәттә чилдә** *жерг.* 1. кышкы кырк күндүк суук учур; *кәттә чилде – кырк күн, кичик чилде – он күн;* 2. *эск.* илгери «жин» оорусу менен ооруган адамды 20 күндөй эскиче «окуп» дарымдаган учур (бул көрүнүш азыр медицина илими аркылуу турмуштан сүрүлүп чыгарылды); ◊ **кәттәни кәттә бил, кичикти кичик бил** ар кимди ордуна карай баалай бил; улууну улуу, кичүүнү кичүү деп жүр; зорду зор экен деп, кичүүнү кичүү экен деп ажырата жүр деген мааниде айтылчу туюнтма; **кәттә арава кайда, кичиги да шондо** улуусу кайда болсо, кичүүсү да ошол жакта деген маани берүүчү туюнтма (мунун кәттә кәрвән кайжолдо көчсө, кичик кәрвән шо жолдо; кеме кайда жүрсө, кичик кеме шондо жүрөт" деген түрлөрү да бар); **акмактын кәттә – кичиги жок** жаман иштин, жаман иш жасаган кишинин чоң – кичинеси болбойт деген мааниде айтылуучу туюнтма; **аш көттәдән, хызмат кичиктән** оокат бермек улуудан, кызмат кылмак кичүүдөн деген мааниде айтылуучу туюнтма; **бир кәттәнин гәвигә кир, бир кичиктин гәвигә кир** же улуу кишинин, же кичүү кишинин сөзүнө көн, угуп жүр деген мааниде айтылуучу туюнтма; **коркоктун көзү кәттәви, акмактын гәви кәттәви?** кандайдыр бир орунсуз ишти, кылык – жорукту ажыратууда чиеленишип калса, ошондо айтыла турган туюнтма.

КӘТТӘКӘН *батк., лейл., жерг.* 1. чоң далыйган адам; *оо, кәттәкән адам тура;* 2. кызматкер, башкаруучу; *саңа кәттәкән богуча көп бар* ("кәтәкән" болуп да айтылат)...

КӘТТӘЛИК *лейл.* чоңдук, жоондук; *путунун кәттәлигин кара.*

КӘТТӘМӘ: кәпкәттәмә *зам.* чопчоң; *кәпкәттәмәнин ийләгәни жәмән экен.*

КӘТТӘР *лейл.* чоңоюу; *кәттәрсәң сен дос кыларсың.*

КӘТТИК *батк.* баш айландарма уу; *кәттик чөп малга зыйан келтирет.*

КӘТХУДӘ *жерг.* март, берешен; *кәтхудә вактыда әвәсәк, кийин әләлвәйвиз.*

КӘФӘ I *жерг.* кийин, артта; *алдын кетсең жолуңнан жылан чыкпасын кәфә калсан, карышкыр жеп кетпесин.*

КӘФӘ II *жерг.* эгиндин теминден жанчылбай калган чары; *чүйүрмөгө чүйүргөндө bүwгайдан кәфә чыгат.*

КӘФӘРӘТ *жерг.* жыдык, күйүп жаңылгандык; *илгери кәфәрәт әм болучу.*

КӘФТӘР *жерг.* көгүчкөн; *тамдын бowруда кәфтәр жүрөт.*

КӘХКИ *жерг.* матрац; *бешиктин кәхкиси эскирип калыптыр.*

КӘЧ I *батк.* 1. кыйшык, кыңыр; *чытты кырксам, кәч боп калды, көзү бар экен*: 2. *ноок.* килемдин ийрендетилип сайылган оюусунун бир түрү; *гилемде кәч, андаза деген ойуw болот.*

КӘЧ II: **кәч–кәч, кәчкил–кәчкил** *батк.* "эчки эмердин» үнүн туураган сөз; *кәчкил – кәчкил деп довуш чыкты, карасам, әчкәмәрдин үнү экен.*

КӘЧӘ I *жерг.* кант кошулуп таттуу кылып жасалган атала; *кой, козу, токту, кәчә атала деп жаздырдым.*

КӘЧӘ II *түшт.* кежир, чатак; *кәчә экенсиң, түвү не болор экенсиң?*

КӘЧӘЛ *зам.* чабал; *ол – кәчәл кыз.*

КӘЧКӘРТ *жерг.* жыгач оюучу аспаптын аты; *кәвишти тешә менен чавып, кәчкәрт менен ойот.*

КӘЧКУЛ *пам.* бөйрөктүү идиштин бир түрү; *әвийир үчүн ак жүрсөң, алыш–беришке так жүрсөң, кәчкулуңду беремин.*

КӘШ *батк.* талаш – тартыш кылгандык, аралаштырып таштагандык, бир жакка ооп кыйшайгандак; *иштин бәәрини кәш кылып тәштәвә;* **кәш–кәш кыл** *батк.* жулкулдатып эки жактан тарткылоо; *бир бөрүнү иттер кәш–кәш кылып кеттилер;* ◊ **кәштә каган** көчө басар болуп калган.

КӘШӘ *жерг.* 1. ичке чыбыктан эшилип согулуп, «чигненин» капталына коюлуучу чабыра; *мана шу кәшәдәй эмес*; 2. моюнтурук менен шамыян жыгачтын кошулган жерин бириктирүү үчүн калың териден кат – кат кылып жасаган моюнча; *кәшә үзүлүп кетпесин.*

КӘШӘК I *жерг.* улак тартканда улакчылардын бир жерге топтошуп үйүлүшүп калгандагысы; *кәшәк болуп, чәвәндәздәр топтолуп калды;* **кол кәшәк** улакты такымга жеткирбей ар ким кол менен тарткылап калган учур.

КӘШӘК II *батк.* 1. кандайдыр бир нерсени бекитүү үчүн туурасынан, кыйгачынан кагылган жыгач; *жүзүмтәкти бекитиш үчүн кәшәк кагылат*; 2. саман каптагыч; *кәшәккә саман каптап койдум;* 3. кошоктолуп байланган жип; *эки койду бәйләйм десең, кәшәк кыл;* 4. *пам.* кайчылаштырылып согулган сызма; *кәшәк–сызма, курут–сүзмө*; 5. *батк.* чаңгек; *кәшәк менен кәшәктәп койвосо, тайып кетет;* 6. *лейл.* апкеч; *кәшәк суw көтөрөт эделер*; 7. *батк.* өрүк кагуу үчүн учун иймекей кылып жасаган узун ичке каккыч; *өрүк кагалы, кәшәгини сурап кел.*

КӘШӘК III *пам.* обу жок күлкүчү; *ол күлө берсе, балдар ону кәшәк дәйттер.*

КӘШӘКТӘ I *өзг.* чеңгектөө; *шонун башын кәшәктәп кой.*

КӘШӘКТӘ II *батк.* кошоктоп айдоо; *койлорду кәшәктәп кайда апарасың?*

КӘШӘЛӘҢ *батк.* бошоң; *әжемдер гилемге чәйән куйрукту кәшәләң салыптыр.*

КӘШӘНДӘ *батк.* кумарлангандык; *чинәкәм кәшәндә сен болдуң.*

КӘШИЙ *батк.* 1. эринди бир аз кыйшайтып, оозун жарым ачып, бир калыпта делдейип калуу; *әә, кәшийвәчи имнеге мени карайсың кәшийип;* 2. кыйрай, мыйрый; *кәшийвәй тез–тез бас.*

КӘШИК *зам.* буудайды түктөп, ага койдун баш – шыйрагын бирге бышырып жасаган тамактын аты; *кәшик бир түндө пышат.*

КӘШКӘЛДИРИК *батк.* кескелдириктин кичирээк бир түрү; *таштын кычыгыдан жөрмөлөп кәшкәлдирик чыга калды.*

КӘШКӘП *ал.* май салбай сүткө бышырылган күрүч ботко; *кәшкәп жасап кой.*

КӘШКӘР *батк.* 1. маки; *пийәзди кәшкәр менен тuwрады*; 2. *пам.* курч миздүү бычак; *кәшкәр бычак менен котосту сой.*

КӘШКӘШ *батк.* жулкулдаткандык, тарткылагандык; бир ишти ары – бери чоюп чечпей жүргөндүк; *кәшкәш кылып жаткан экендер.*

КӘШКИ *өзг.* 1. жөн, бир жөн; *тегирменге барып алып келсең го бир кәшки, алып келе алвайсың го;* 2. *жжол.* сыягы; *кәшки, сен эле билесиң?*; *батк.* адамды басмырлоодо колдонула турган сөз; *кәшки, сен маңа жеталсаң.*

КӘШКӨW *батк.* топоз; *кәшкөw багат.*

КӘШМИР *пам.* билгич, көзү ачык: *кәшмир окшовойву, бир күн богонумду әйтип койду.*

КӘШМИШ *батк.* 1. ашкөк; *кәшмиш тамаркада өсөт, жулуп алып тамакка кошовуз*; 2. бийик тоодо өсө турган дары чөптүн аты; *кәшмишти аш казан owруга кайнатып берет* ("кәшнүч, кәшкүч болуп да айтылат).

КӘШТӘ *нам., жерг., батк., лейл.* сайма, түр, оюу, көчөт; *кәштә кәштәләп отуруп, бир сугур суw ичсе, миң сугурдун сuwсуну канат деди* (кээде "кеште, кечте"болуп да айтыла берет); **ай кәштә** *лейл., жерг.* айдын элесин берген сайманын аты; *ай кәш билвесе, гәпти укканга, жәнди жәнгә сукканга әйт* ("ай жастык, ай тегерек, ай көчөт, ай нуска, алтымыш жиптүү ай нуска" деп да айтылат); **аркар туйак кәштә** аркардын бутун элестеткен сайманын аты; *койон әкәң шорвосу койукә, кой әкәң шорвосу сүйүккине девей* (орду жок иш кылбай); *аркар туйак кәштәңи чирәйлә*; **беш кәштә** *лейл., батк.* көк, кызыл, ак, сары, күрөң жашыл түстөгү жүн же кебез түр жиптерден токулган кооз сайма, көчөт; *беш кәштә саганга мурдуну тартып койвойт (тоотпойт), (бул көчөт көбүнчө "гажары" жана "терме" деген таарларга салынат);* **гүл кәштә** *батк.* 1. ар кыл өсүмдүктөрдү, алардын гүлүн элестеткен орнаменттин жалпы аты; *гәп десе – кап–кап – деп, жатып гүлкештени бүтпөй койвоң (*кээде "гүл кэште", "гүл кәштә" болуп да айтылат*);* 2. саймалуу, кооз жоолук; *гүлкештесини жоготуп, көзү кыныдан чыкты* (ачуусу келди); **дүрүйө кәштә** ак материалга «ысвылы» деп аталган көчөт түшүрүп, анан ортосуна «тогуз дөвө» салып, саймаланган сайма; **жарма кәштә** *батк.* сайманын кайра илинип сайылган бир түрү; **жол кәштә** *жерг.* белбоонун эки жак четине сайылган сайма; *жоwлугуw учу жол кәштә;* **зәр кәштә** кандайдыр бир жылтылдак кооз жипче менен сайылган сайма; **кулак кәштә** *пам.* куржунга түшүрүлүүчү көчөттүн бир түрү; **пәрдә кәштә** терезе пардага сайылган ар кыл сайма; ◊ **мышыктын кулагына кәштә сайган**; *өзг., суз.* чоркок (какшык иретинде).

КӘШТӘЛ *жерг.* жака; *кәштәлдән мәкәм кармап авасын*; *кәштәлиңди кәж кылат.*

КӘШТӘЛӘ *өзг.* саймалоо; *кәштәләп туш кийиз кылыптыр.*

КЕ *батк.* кел; *кечикпей тез ке, нандан татып кет* (Баткендин Ак – Турпак тарабында бул этиш унгу түрүндө эле "л" тыбышы түшүп айтылат).

КЕВЕДЕ *батк.* саман, беде, чөптүн

майдаланып кыркылган аралашмасы; *кеведеси көп, ого асман асты кевәп* (баары шайма – шай).

КЕВЕЖЕ *тал.* үкөк, сандыктын бир түрү; *кевеже энди сатылвай калды окшойт.*

КЕВЕЖИ *атб.* чорбо; *аттын оозуна кевежи тарт.*

КЕВЕКБААШ *ал.* суук, салкын жерге жакшы чыгып, малга жагыштуу келип, баш жагынан майда жалпак, жумшак бүр алып өсө турган өсүмдүк; *жүзүмүнү же да багыны сурава дегендей кевекбаашты тап деп кыйнаваң.*

КЕВЕН *лейл., сейр.* чөмөлө; *кевендин түвүндө олтуруп кеселди жашырса, өлүм ашкере кылат – деди.*

КЕВЕНЕК *тал.* кементай; *кепин кийгенден түңүл, кевенек кийгенден түңүлбө.*

КЕВЕР *чүй.* күйүт, азап, зил; *кевериң болсо, кулагың чурулдаар!*

КЕВЕРЛҮҮ *ыск.* кычыткылуу; *кескен бычак сөөккө токтоор, кеверлүү сөз сүвөгө токтоор.*

КЕВЕСТЕ *чүй.* элирүү; *кевестеп улутунуп ойноктогон күлүк.*

КЕВӨӨ *жжол.* арык, начар; *кевөө козудай кивиреген байкуш.*

КЕГЕЙ *карс.* дөңгөлөктүн чабагы темир шиши; *кегейди оңдоп, кашык таштамайга чыгып кеткен дептир.*

КЕГЕЙДЕ *тал.* кээ – кээде, кез – кезде; *кегейде барып тизип келем.*

КЕДЕЙМАН *жерг., эск.* дыйкан; *mowgo толойман, кыштакта кедейман* (таб. чөө, мышык).

КЕДЕК *жжол.* чакмак, чатыраш; *чолок жең, көгүлтүр кедек көйнөк кийген жигит.*

КЕДЕҢ *жжол.* кидигий; *илгери бир кедең чал болуптур.*

КЕДЕҢБАЙ *түп.* кидиндеген адамга карата кичирейтүү, же мыскылдоо маанисинде айтылган сөз; *аа, кедеңбай, мойнуң асылып калбасын.*

КЕДЕПАЙА *ноок. миф.* кекиликтин пири; *кекиликтин атасы – кедепайа.*

КЕДИ *батк.* тээжик (көбүнчө жаш балдарга карата айтылат); *кеди балаң кыргыз эгерге отура алавы?*

КЕДИК *пам.* өңү ак, жүнү жумшак келген жергиликтүү кичирээк койдун бир түрү; *токтоду эле токтодуга* (илгери бала токтобой койгондо атасы бош куржунду мойнуна салып суу ылдый качканда, кары кемпир баланы эшике алып чыгып айткан сөздөн, азыр мындай көрүнүш жок) *бир кедик сойгон экен.*

КЕЖЕЛ *ыск.* көгөрүп доюрлануу; *от–пот деп кежелип жаткандырсың.*

КЕЖЕНЕ *чүй. эск.* илгерки кымбат баалуу товардын бир түрү; *кежене кийип кеңирсийт;* 2. товар – совар салгыч нерсе; *кеженем булга толсо, келиним сендей болсо.*

КЕЖИ I *ыск.* бүркүткө жайылган тордун бир бөлүгү; *тордун кежисин аттын куйругунан тузак сыйактуу эшип жасайт.*

КЕЖИ II *жжол.* тигишти бирине – бирин бастырып коюу; *тигишин ак живек менен кежиген.*

КЕЖИГЕ *түп.* шалча, кап, таарлардын талаасын бириктирүүчү ак түстөгү жоон жип; *кәжиге менен жөрмөп тигишет.*

КЕЖИГЕЛДИРИК *ноок.* желке; *кежигелдириге бир койвосун.*

КЕЖИГЕЛЕНТ *ноок.* желке жагына тартуу; *мойнун нары кежагелентет.*

КЕЖИК *жжол.* сүзөк оору; *бөлүнүп кетпеген кежик оwру экен.*

КЕЖИМЕ *ал., өзг.* майда бутактантып, татаалдантып сайылган сайманын бир түрү; *тул салса, кежиме кылдырчу эмес.*

КЕЗ *тал.* пакса, катмар; *айуwдан дөңөч жылма десем, сенин кезиң укмуш түзүк түшүптүр.*

КЕЗБОО *тторо.* куш, бүркүттүн бутуна байланган кыска боо; *бүркүттүн бутунда узун боосу, кезбоосу болот.*

КЕЗДЕЙИМ *зам.* оңут, кезек; *кездейиме келер деп кастык кылва.*

КЕЗДЕМЕЛ *чатк.* кемсел; *кездемелди көйнөктүн үстүнөн кийет.*

КЕЗЕ: **кезе–кезеде** *өзг.* кээ – кээде; *кезе–кезеде аны жел айдайт* (убара кылат, убара болот).

КЕЗЕК *кочк.* арам чирик; *өлүк–тиригин гана көрдү тиги кезек кошоматчынын.*

КЕЗЕКИЙ *тал.* чыптаманын кичирээк бир түрү; *кезекийи байак эгердин үстүндө турат* (арт жагы жапыз, тайпак, кичирээк келген жеңил ээр).

КЕЗЕКМЕ: **кезекме кезек** *батк.* удаалай иреттешкендик; *кезекме кезек гәзмәлгә турдулар.*

КЕЗЕКТИК *жерг.* ирет; *балдар кезектик сөзүн айтты.*

КЕЗЕМЕК *суз.* келме – кезек; *кеземек кылып чакыр.*

КЕЗЕМЕКТҮW *суз.* келме – кезектүү; *кеземектүw чакырышып коноктошот.*

КЕЗИТ *өзг.* чачыратып качыруу; *кекилигин кезиткен, тартарларын тараткан.*

КЕЗМЕ *жерг.* сереп; *биз кезме, тажиктер гәзмә дейт.*

КЕЗМЕК *өзг.* кезүү; *эшик алдына кандек казганга кезмек келди.*

КЕЗМЕКТЕШ *өзг.* кезүүлөшүү; *кезмектешип канарага иле койовуз.*

КЕЗМЕТ *тоң.* катар; *ага да сармердендин кезмети жетти.*

КЭЭКИ *чүй.* кээ бир; *кээки жолдоштор анекдот кылат.*

КЕЙ *тал.* бүркүттү үндөккө чакырганда айтылуучу сырдык сөз; *бүркүттү кей деп да, ке деп да үндөйт.*

КЕЙЖЕҢДЕ *жерг.* селкилдөө; *кекиликтей кейжеңдеп, towдактай болуп тоңкоңдоп.*

КЕЙИШ *ноок.* керишип тартышуу; урушуу; *мен кылсам оттуз, ол кылса токкуз, ондо боло веде деп кейиштилер.*

КЕЙРЕК *нар.* кейреңдеп баскан; *буту майрык кейрек.*

КЕЙРЕҢДЕ *түп.* моюн толгоп тил, тил албай коюу; *ол эмне деп кейреңдеп атат?*

КЕКЕҢДЕШ *ноок.* чырдашуу; *олор менен кекендешип калыптыр.*

КЕКИРЕЙМАТ *ыск.* дайыма кекирейип жүргөн адам; *саламга да келбеген кекиреймат болуп өспөсүн.*

КЕКИРЕҢ *ыск.* күзгө чейин гүлдөй бере турган жапайы өсүмдүктүн бир түрү; *кекирең – мыкты өсүмдүк.*

КЕКИРТЕК I *чүй.* илгерки кустардык товардын бир түрү; *илгери торко, кекиртек,* (кээде ол төө кекиртек деп да аталган) *башайыны Парганадан алып келишчү* (азыр бул атоо жана реалий эскирген).

КЕКИРТЕК II *чүй, эск.* кышында сорпого, жайында сүткө салып, калыңдыгы жарым эличе жасалган илгерки күлчө; *камырдан күлчө чыкса, кекиртек деген* (азыр мындай тамак жасалбайт); **кызыл кекиртек** *пам.* алдым – жуттум; *кызыл кекиртек болуп чозо берве;* **кыл кекиртек** *ыск.* тамакты аз, начар ичкен адам; *кыл кекиртек – тамагынан өтпөйт*; **сасык кекиртек** *пам., өзг.* күптү; *сасык кекиртек болгондо ысырык ичет.*

КЕКЛИКБАЗ *жерг., батк.* кекилик сайратууга ышкыбоз адам; *бир–эки киши кекликбаз болгон.*

КЕКЛИККАШ *ноок.* кекиликтин үрпөгүн элестеткен орнаменттин аты; *кекликкашты үтрөтөйүн, мейман кыл.*

КЕКСЕ *жерг.* он жаштагы жылкы; *кексесини минип, кийик айагы өйдө май алат деп кете берди.*

КЕКСЕР *түшт.* эс тартып чоңоюу; *кексерип калган бала экен.*

КЕЛ I: **кел–кел** *ыск.* 1. сокого кошулган өгүздү борозго кайруу үчүн айтыла турган сырдык сөз; *кел–кел деп кечке кыйкырган үндөр болду*; 2. *зам.* башын өйдө – ылдый кылып кыймылдатуу; *күндүн ысыгыда жылкы кел келишет;* ◊ **мен өзүмө келе түштүм** эсимди жыйдым, эсиме келдим.

КЕЛ II: **мал–кел** *ыск.* жалпы эле төрт түлүк мал; *мал–кел төлдөп жатканда таваккa кош кашык салвайт, козу–улак, кулун–торпок кош киндик болуп калат дешет* (азыр бул ишеним эскирген).

КЕЛВЕК *өзг.* 1. эти бош, шалкы; *күлтүйгөн келвек болуп өспөсүн уулуң;* 2. *чүй.* маңыз, бабыр; *сөзү түгөнбөгөн келвек белем.*

КЕЛВЕКЕ *алб.* дөдөй; *тил билвеген келвекеге туш кылвасын.*

КЕЛВЕРИ *кочк.* мейманчыл; *айылга алымдуу кимисине болсо да келвери экен.*

КЕЛВЕРС *атб.* тоң моюн, керкейген; *келверс киши тура орду жок намыстанган.*

КЕЛВЕТЧЕ *акт.* кичинекей, жасалма келбет; *пыластилинден келветче жасай салды.*

КЕЛГИЧЕЛИК *батк.* келгендик; *келгичеликте койвой туруп кеттим.*

КЕЛДИР *ал.* келжирек; *эмне, сен келдир болуп калгансыңбы?*

КЕЛДИРГИ *жжол.* келерки; *ии, бача, келдиргиде турбайт бекен?*

КЕЛДИРЕ *жжол.* кеңгирөө; *бир күнү келдиреп отуруп жөнөп калдым.*

КЕЛЕ I *лейл.* 1. ийрилген жиптин түрмөгү; *келе–келе кылып ийрет;* 2. *чүй.* лента; *оймо ээрге минсе, келеси күнгө чагылат.*

КЕЛЕ II: *өзг.* шылдың; *олә, толук басып алды деп келе чекти.*

КЕЛЕВЕР: **келевери, келеверди** *жерг.* кыйшайып кетпес үчүн табактын астына коюла турган жалпак жыгач; *келеверди өзү жыгачтан жасалат.*

КЕЛЕВОТО *лейл.* жылтылдак кооз нерселер чөгөрүлгөн кур; *келевотого йәм болот севуw кылаттар* (темир кооздуктарды заң баспас үчүн болоттун өгөөлөнгөн майдаларын жуткуруу).

КЕЛЕВУРАТ *жерг.* бургу; *келевуратты алып берчи, достум.*

КЕЛЕГЕЙЛЕ *ыск.* чала уюу; *айран келегейленип калды.*

КЕЛЕГЕН *жерг.* келенек; *зуw–зуw бараган, куw–куw келеген.*

КЕЛЕГЕЧ *батк.* келе бермей адаты бардык; *келегеч босоң, кекилик чокумай* (кекилик тепмей) *кылам* (чокуп жазалоонун бир түрү).

КЕЛЕКТЕ *тал.* «колек» кылуу, жасоо; *ылайдан келектеп соккон.*

КЕЛЕН: кеп–келең *тал.* сөз – мөз; *барыш керек деген кеп–келең чыкты.*

КЕЛЕҢГИР *ноок.* сарпанке деп аталган товардын экинчи аталышы; *ак келеңгирден канча алыптыр?*

КЕЛЕРС *жжол.* арыс чычкан сымал жандыктын аты; *келерстер жаман, үйүр–үйүр жылкыны туйукка камап суй жыгат* (алар кээде жылкынын мойнуна секирип барып жабышат да, анан шилиден кан соруп, малды абдан чарчатат дешет).

КЕЛЕСЕ *зам.* келечек; *келесе дыйканчылыкка жетели.*

КЕЛЕСИМ *чүй.* тыш кийимдин жээгине бастырылган жалтырак

ичке лента; *келесим менен байлап алган турбайбы!*

КЕЛЕТЕ *батк.* жаздыктын кичирээк түрү; *келете балышты алып бериң.*

КЕЛЕЦЕК *бакт.* келечек; *келе турган тагдырың келецек деп аталат.*

КЕЛЕЧЕ *ыск.* шылдың, тамаша; *келече кылып ошенткен го.*

КЕЛЕЧЕЛЕ *алб.* келкелөө, шылдыңдоо; *анын аты кайерге бармак эле деп келечеледи,*

ҚЕЛИ *алб.* шалы актай турган сокунун бир түрү; *шалыны келеге жанчат* ("келе" деп да айтылат).

КЕЛИМДҮW *жжол.* сиңимдүү; *топурагы өнүмдүw, сүwү келимдүw.*

КЕЛИМСЕК *жерг.* 1. келүүгө ниеттенгендик; *ол эртеге биздикиге келимсек болуптур*; 2. *алк.* келер – келмексен болгондук; *келимсек болбой тез–тез бери бас.*

КЕЛИН *ал.* топташ ойнунда чачылган таштарды сол колдун салааларынын арасынан айдап киргизүү көрүнүшү; *топташтын келин деген учуру бар* (кээде "келин киргизмей" деп да аталат); **кара келин** *акт., эск.* илгери караңгыда бир эчкинин үстүнө эки сабоо жыгачты айкалыштырып таңып, ага кийим кийгизип, башына жоолук ороп, туткучтан үзөңгү кылып ойногон оюн; *күлкү болсун үчүн кара келин ойногон* (азыр бул оюн ойнолбойт); **келин жүгүн** *лейл.* 1. жаачы; *келин жүгүн жыланга өч*; 2. *пам.* көк гүл ача турган, узун ичке келген өсүмдүктүн аты; *келин жүгүндөн бир топ үзүп кел.*

КЕЛИРГИ *батк.* 1. келерки; *келиргиде келин көчүрмөй* (жалаң кыздар куурчактан келин кылып жасап ойногон оюн, азыр бул оюн тоо арасындагы айрым айылдардан жолукпаса, көп ойнолбой калды) *ойнойбуз;* 2. кийин; *мен келирги барам.*

КЕЛКЕЛИ *батк.* оомат; *келкели кеген кишинин карасаң бовойт пилләси.*

КЕЛКИ *ал.* шерменде; *гелтек урдуруп, келки болсоң кантесиң?*

КЕЛМИСЕК *батк.* келе турган; *келмисек болуп тургам.*

КЕЛМУРУТ *суз.* муруттун суйдаң, чоң – чоң күдүрөкөйү; *параса деп Оштон уккан эдем дейт алиги келмурут.*

КЕЛПЕТ *зам.* келбет; *келпетине карасам, келген экен келпетиң.*

КЕЛПИҢ *ал.* жылкынын темтең сымал оорусу; *делве чөп жеп, ат келпиң болот.*

КЕЛТАВАК *ыск.* тамак – аш ичип жатканда келип калган адамды тамак ичүүгө чакыргандык; *төргө өткөрүп, келтавак кылып жатты эле.*

КЕЛТЕГЕЙ *чүй.* чолтоюп калган нерсе; *куйругун кессе, келтегей болуп калды.*

КЕЛТЕК *лейл.* 1. жоолук таштамай ойну; *бүгүн келтек ойнойвуз;* 2. жардамчы күч; *оо көп келтек чогулат.*

КЕЛТЕЧЕ *акт.* таш таман; *келтече урдуруп ал, болвосо кашка таман урдуруп ал дейвис.*

КЕЛЧЕ *зам.* нас ийлей турган жан аяк; *алиги бадыра боргочо, шондо нәспөй келче илинип турат.*

КЕМ *пам.* учур, убак, маал; *шо кемде мен алты–жетиде эдем;* **кемиге жете элек** *батк.* бир жашка толо элек.

КЕМЕ I *пам.* 1. кемеге; кемеге от кала; 2. той – тамашага келгендерге берилген сый тамак; *кеме аш, онон кийин ат чавыш богон*; **мор кеме** *жумг.* ылайдан жасалган кемеге; *мор кеме жасадык*; **кеме басты очок** от

башына жыйналып, ызы – чуу түшкөндүк; *балакетиң алайын кеме басты болвосун*; **кеме жарыш** *нар. эск.* илгерки күлүктөрдү алыска чабар алдында жакын аралыктан жарыштыруу жолу; *кеме жарышка чаар күлүктү кошпой койот* (азыр мындай көрүнүш жок).

КЕМЕ II *жерг.* агын чоң дайра; *о кеме кечип шок адамнан коркво, тымпыйганнан корк дейт кү*; **кеме кечкендер** сал айдоочулар; *кеме кечкендерге тептир.*

КЕМЕЛ *түп.* үймөк; *уй сарайга жакын үйүлгөн кемел бар* (Жолголот тарапта айтылат).

КЕМЕЛЕК *ал.* рогатка; *кемелекти балдар атып ойнойт.*

КЕМЕЛКЕ *кочк.* кем – карч; *кемелкеси толгондой куванды* (кээде "кемелтке" деп да айтылат).

КЕМЕЛТЕ *чүй.* бөксө; *жаштыгымдан кемелтесин толтурвасам элеви?!*

КЕМЕЛТКЕ *сүл.* аракет, кыймыл, иш; *шахтыдан бөлүп алуу оңой кемелтке эмес.*

КЕМЕЧ *батк.* соргок, чанач; *карды тойбогон кемеч турбайбы.*

КЕМЕЧТЕ I *батк.* курсактын тойгонуна карабай аптыга берүү; *кемечтеп жейт, шого жәрәшә иш кылат.*

КЕМЕЧТЕ II *батк.* суулукту чайнап тыбырчылоо; *минген аты дагы де арываптыр, кемечтеп турат.*

КЕМИШТЕ *кочк.* карагай, бак кыйганда бир жагынан кыйгай чабуу; *карагайдын бир капталын заматта кемиштеп живерди.*

КЕМКЕРЧИСИЗ *ноок.* кетиксиз; *ай кемкерчисиз толуп чыкты.*

КЕМЛЕТКЕ *чүй.* жетишпеген кемчилик; *бул кемлеткени чукул түрдө оңдойт.*

КЕМСУР *өзг.* китель; *пәнжәси менен кемсурун сүрткүлөп койду.*

КЕМЧЕР *жжол.* бышык, чыйрак; *керегең талдын кемчери.*

КЕМШЕЙМАТ *чүй.* тиши жок кемшейген; *тишиң түшүп кемшеймат болупсуң.*

КЕН I *пам.* керней; *кен берип, бир бодосуну мен алдым.*

КЕН II *тал.* үстүнө адам отурууга ылайыкталып жасалган печ; *үйдүн кени былтыр жасалган.*

КЕНДИРГЕЛЕ *ыск.* артка кетүү; *арактын айынан кендиргелеп алвасын.*

КЕНЕ *тал.* кунт, маани; *акылга көне бербестиги жаман.*

КЕНЕЙ *түшт.* 1. чүкө же жаңгак тигилген кең; *кенейге тик*; 2. тобокел; мындай *жерде башын кенейге тигип кой.*

КЕНЕНДИРЭЭК *чүй.* кененирээк; *келечеги кенендирээк бала төрөйм.*

КЕНЕТ *тал.* капыстан, кокустан; *кара малга: жылкы, уй, котоз шолор кирет, кенет жаңылба,*

КЕНЕТАЙ *лейл.* кипкичинекей; *кичкине кенетай, эки көзү кантип көрөт ай?* (таб.бүргө).

КЕНЖЕ *суз.* мөмөсү чоң, өңү кызыл, сулп эттүү, даамдуу, кабыгы жука келип, эки жолу түшүм берчү алма; *кәттә курга эки – үч кенже ороп алды.*

КЕНЖИР *түшт.* кундуздун жалтылдак бир түрү; *жакамда кенжир кундуз.*

КЕННЭЭТИ *лейл.* кежир; *кеннээти киши.*

КЕНЧИК *өзг.* жүдөө, мөгдөө; *кенчигип алдан тайды.*

КЕНЧИР I *чатк., тал., жерг.* кендир; *әй – әй десең качып чыгат, кенчир капты тешип чыгат* (таб. чычкан); *кенчир жип; кендир аркан болсо малды кенчир жип менен байлайт беле?* ("кенжир", "кенжур" болуп да айтылат).

КЕНЧИР II *жумг.* 1. төштүн кечири;

төштүн кенчирин чыгарып, каалгага бир чават; 2. *тторо.* далынын кечири; *далынын кенчири жавышып калса – куу далы болот.*

КЕҢ *ноок.* темир мештин кернейи; *темир печкенин кеңиге көw толуп каган окшойт.*

КЕҢГЕ *акт.* оорунун аты; *жылкыда: мушгурт, кеңге, учунма деген оору болот.*

КЕҢГИР *ал.* эс – ал кетип ооруган оору; *кеңгир деген оwру бар.*

КЕҢЕРИ *батк.* эндүү; *кеңери тавар тура.*

КЕҢЕШКӨЙ *жерг.* кеңешчил; *кеңешкөй жигит Акбарак.*

КЕҢЕШТҮW *батк.* акылдашылган, макулдашылган ондуу; *кеңештүw ой бузулвайт.*

КЕҢИЙ *батк.* көп, арбын; *биздин ичивизде өзбектер кеңий.*

КЕҢИШЕ *пам.* акылдаша иштелген иш; *тардыкы – тартыш, кеңдики – кеңише.*

КЕҢТАВАР *жерг.* товардын кымбат баалуу бир түрү; *келиним сындуw болсун деп кеңтавар тандап кийгизсин.*

КЕП I *жерг.* өң – алат; *олордун кепи бозоруп кетиптир.*

КЕП II *ноок.* бир байлам жоолук; *минеге келмек эдем, кеми – көстү тuwралап бир кеп алайын дегем;* **бааш кеп** чачкептин «бастыргыч, шамалбак, балык оwуз, мончок, нәйчә, томолок күвөк, көмкөрмө» деген кооздуктары бар, «сагак, кыргак, жаак, куйрук, дүрүйә» деген деталдары бар түрү; *бааш кепти жаштар кийвей калдылар.*

КЕП III *тторо.* түк, такыр; *курсагым кеп ачпады.*

КЕПЕНЕК *пам.* 1. жамынчы; *кепенеги түшүп калыптыр;* 2. *ноок.* териге саман тыгылып жасалган кеп; *кепенек койуп саай бер*; 3. *жерг.* жөргөмүштүн тору; *кепенек бәйләп. чөп өспөптүр.*

КЕПЕНЕКТЕ *пам.* жабуула; *кепенектеп кой.*

КЕПЕРЛЕШ *чүй.* эзилишип сыр жашырбай калышуу; *топурагы бир жерден чыгып кеперлешип калды.*

КЕПЕЧ *батк.* соргок; *кепеч бат тойо веде?*

КЕПИЛ *өзг.* сүргүч; *муну кепилиң менен суруп берчи.*

КЕПИН *тторо.* ала кийиз жасаганда чийге оролгондон кийин анын сыртынан куюлган суу; *чийге куйган сууну кепин деп койот.*

КЕПИНДЕ *тторо.* чийге суу куюу; *эки чака сууну кепиндеп куйат.*

КЕПИЧКАНА *акт.* оозгу үй; *сен колуңдагыны кепичканага койдуңбу?*

КЕПКЕК *тторо.* илгерки бат атар мылтыктын оозуна кайыштан же мүйүздөн тыгып коюучу нерсе; *мүйүздөн кепкеги бар.*

КЕПКЕКТЕ *түнд.* бир нерсенин оозун тыгындап, бүтөп жаап бекитүү; *оозун кепкектеп бекит.*

КЕПКИЛ *өзг.* сүргүч; *кепкил мокоп, тактай сүрүлбөй калды.*

КЕПКОРОО *чүй.* сөзкор; *ал анча деле кепкороо киши эмес.*

КЕПСЕР I *тал., сейр.* май калак; *кепсер менен сүзүп ал.*

КЕПСЕР II *тал.* жыгач табактын бир түрү; *кепсерге салып кел, кенен отуруп жейли.*

ҚЕПТЕЛЕН *өзг.* кебетеленүү; *өлгөн кептеленип жатып алды.*

КЕПТЕР *ош.* тушукканды; *күтүлбөгөн жерден аларга кептер болдук.*

КЕПТЕЧЕ *тоң.* кооздоп жасалган жууркан; *кептече жүк көркү.*

КЕПТЭЭК *жерг.* тиштенек, качанак жылкы, уйдун оозуна кептеп коюучу жыгач; *кептээк салып жетелеп кет.*

КЕПШЕН: козу кепшен *жерг.*

жыттуу келип, дары катары колдонула турган өсүмдүктүн аты; *кепшен дей бервей гәпти кем сүйлө, ишти көп көздө.*

КЕПШЕРҮW *ар.* кепшегендик; *серке кепшерүwүн бузбастан жата берет.*

КЕПШЕШ: койон кепшеш *батк.* жаза колдонулуп ойнолчу оюнда утулган жактын эрдин оңго – солго чоюп эликтөө; *кепшеш алып ойнойт эде* (азыр мындай жаза колдонулбайт).

КЕПШЭЭР *кочк.* кепшөө; *ак койдун кепшээрин угуп калат.*

КЕПШӨӨР I *тторо.* күмүш кооздуктарды жасоодо колдонулуучу аспаптын аты; *кепшөөр күмүш менен жездин кошундусунан жасалат.*

КЕПШӨӨР II *чүй.* жылкынын таз карынындагы баш жагы кызгылт, өңү ак, тогологураак жоон курт (элдик аныктоо боюнча ушул курт жылкынын жеген тоютун кепшеп сиңирет имиш); *кепшөөр курт жылкыда эле болот, уйда болбойт.*

КЕПШИР *кул.* маңыроо; *жөндөмү жок, кеп түшүнбөгөн кепшир.*

КЕР I *батк.* 1. акис; кер адам; 2. *жжол.* каршы; *аларга мөндүрок кер келди.*

КЕР II *өзг.* зарылдык, керектик; *ат быйыл керге жаравай калды;* 2. *жжол.* жөн, учур, шарт; *бир көңүл жуватышка кер келер.*

КЕРВЕЙИЛ *кочк.* манчыркаган адам; *ал кервейилиң жакшылык нур келтирер, жамандык зил келтирер дегенди билер бекен?*

КЕРВЕН *атб.* алып жүрүүгө жеңил бир карылуу капкан; *кервен дегенивиз капкандын бир түрү.*

КЕРВЕНСАВА *түнд., эск.* жылдыздын бир түрү (илгери кыргыздар жылдыз оноп жолго чыгууга, чоң иш баштоого адат алып келишкен экен. Жылдыз оноо айга карата болуп, айдын бири же он бешинде чоң иш баштап келишиптир. Ал эсеп боюнча айдын биринде жылдыз күн чыгышта, экинчисинде – күн жүрүш күн чыгыштын ортосунда, үчүнчүдө – чак түштө, төртүнчүдө – күн жүрүш күн батыштын ортосунда, бешинчиде – күн батышта, алтысында – күн батыштын түн жагында, жетисинде – түн жакта, сегизинде – күн жак күн чыгыштын ортосунда, тогузунда – жерде, онунда – асманда болот деп эсептеп, тогузунда сапарга чыгууга болбойт жылдыздын чыгууна каршы келет, ат аягы оор болот дешкен. Айдын ону, бири, жыйырмасында же шамал, же жаан болот дешкен, азыр бул түшүнүк эскирген).

КЕРГАШКА *өзг.* башында мүйүзү бар,сөөкчөсү бар бүркүттүн түрү; *аңчылыкта кергашка буркүтун салып журчу эле* (кээде ал «мүйүздүү кергашка» деп да аталат).

КЕРГИ *тал.* кайкуу, өйдө карай атып учуу; *ак сайдан койон көрүнсө, ак шумкар кергип көлгө өтөр.*

КЕРГИЛ *чүй.* борсуп калган жыт, даам; *эттин кергил даамы бар экен.*

КЕРГИЦ *баткч.* кергич; *әнән owзуга кергиц койот.*

КЕРДАМ *жерг.* илгерки кара мылтыктын от алдыра турган билиги (билик пахтадан ийрилип жасалып, майга чыкталып коюлган); *мурут кердам, оромол дейвиз да койовуз.*

КЕРДЕГЕЙ *тал.* жумуш учурунда кийиле турган эски өтүк; *кердегейди кийип чыга кал.*

КЕРДЕН *батк.* ырыс кесер; *ол кердең абдан кирдептир.*

КЕРДИШИ *жжол.* дубалдын бети; *дувалдын кердишине курак–сайма көшөгө тартылган.*

КЕРЕ *ал.* илгерки кездеменин бир түрү; *кериле сүзүп суw алган, кере элечек чувалган.*

КЕРЕГЕ *батк.* килем, чолпу ж.б. түшүрүлгөн кичинекей кереге көз сымал элес берген оюмдун аты; *кекилик мас богон кезде* (апрель – май айлары), *кереге баштадык* (бул оюмдун кереге баш, кереге көз деген түрлөрү бар).

КЕРЕГЛИК *батк.* керектүү; *кереглик болсо окуй бериң,* (кээде «керектик» болуп айтылат).

КЕРЕЗ: **араз–керез** *ноок.* ич ара чатакташкандык; *чал–кәмпир араз–керез болушпасын.*

КЕРЕК *батк.* кергич; *керекти жәсәвәйсиңби деп кулагымдын алдыда жүдә гужулдады дә.*

КЕРЕКТЕШ *жумг.* бири – бирине керек болгон, пайдасы тийгендер; *керектешим сага келдим.*

КЕРЕКЧИ *батк.* малга жырткыч тийбесин деген ой менен короонун сыртынан тартылып коюлган жип; *керекчиге келвесмин, каракчыңдан качпасмын* (карышкырдын сөзү, жомоктон).

КЕРЕЛДИ *кул.* керээли; *керелди кечке ач бел, куу жондо жүрдү беле?*

КЕРЕМ *ноок.* керет; *ол баштык, тәги алыстан деп керемиде билиптир.*

КЕРЕМЕ: кереме–кечке *батк.* керээли кечке; *кереме–кечке тынбадың го* («керемени – кечке» болуп айтыла берет).

КЕРЕНДЕ *жерг.* эгин, жашылча айдаган, эккен киши; *жар башыга керенде коwун әгер.*

КЕРЕНЧ *лейл.* өтө жыттуу келип, кара курт чакпасын деп коюнга салып коё турган өсүмдүктүн аты; *керенч көп деп өзүгө май кыласыз да* (куру тил эмизесиз да).

КЕРЕП *жжол.* мөөрөй, мелдеш; *ишенбесең кереп ойноймун.*

КЕРЕЧЭЭК *ыск.* айбаттуу; *керечээк куу түлкүлөрдү жазбай алат.*

КЕРЕШКЕ *атб.* 1. эргилчек; *эргилчекти эргин эшик же керешке дейт;* 2. *кочк.* арабанын боорундагы чабак жыгач; *араванын керешкесинен бутун салаңдатты;* 3. *өзг.* жүзүмдүн сабактарын көтөрүү үчүн каршы–терши коюлган «жүзүмтак»; *жүзүмдү керешкелерге арта салат;* 4. *кочк.* козу – улак камай коюу үчүн чийден, талдан каланып жасалган короо; *керешкени чийден жазайвыз;* 5. таман тузак кылып казылган ордун үстүнө ташталган караган – бутак; *керешкенин үстүнө талтайа турду.*

КЕРЭЭЗ *чүй.* дары катары колдонулчу өсүмдүктүн аты; *керээз болсо, келиним өлөт беле.*

КЕРЭЭК *ал.* кереги бардык, зарылдык; *Капарга караганда Мурат керээк.*

КЕРИК *зам.* бой көтөрмө; *о керик адам, барва.*

КЕРИЛЕ *тал.* зуулдоо; *өзү керилей чаап, үйүргө бет алды.*

КЕРИЛМЕЖӘН *лейл.* мактанчаак; *ол бир өпкөсү жок керилмежән болуптур.*

КЕРИМ *суз.* 1. каат; *тумак тавылвай керим болду;* 2. *чүй.* жайында күн өтө ысып, суу жетишпей калган учур; *чөп талаа керим кезде бозоро түшөт.*

КЕРИМДИК *батк.* кекирейгендик, өзүмчүлдүк; *керимдик – эскинин калдыгы.*

КЕРИН *түп.* урунуп – беринүү; урунуп – согунуу; *ошол сөзгө урундү, керинди.*

КЕРИНДЕ *алб.* учурунда, маалында, убактысында; *жай олтуруп сүйлөшөбүз керинде.*

КЕРИШЧЭЭК *түп.* кер – мур айтыша берген; *келини керишчээк, уулу урушчаак болвосун.*

КЕРК *акт.* сүбөө; *мууну бошоп, керк кавыргасы сөгүлдү.*

КЕРКЕЙ *зам.* төрө боор; *ол жорайып керкей баратат.*

КЕРКИ *жжол.* 1. увазир – хан чүкө ойнунда утулган адамдын колдорун алакандын сырты менен чапкылап жазалоо түрү; 2. **аштама керки** *акт.* жалпак темирден эки канатча чыгарылып иймекей жасалган керки; *байагы аштама керкини алып ал*; **куйма керки** бир башы көзөлүп, уңгу чыгарылып жасалган керки.

КЕРКИМАТ *акт., тторо.* кайлоо, чукулдук; *аттанарыңда кетээр кыздын керээзи деп керкиматыңды таштап кет.*

КЕРЛИК I *зам.* ашатылып, ийленип; боелгон булгаары; *кара бир манат керлигин.*

КЕРЛИК II *баткч.* кара мүртөздүк; *билип туруп керлик кылвасын.*

КЕРМЕ *жжол.* 1. уук менен керегенин башын бириктирип байлоочу сызма; *үйдүн тутywларына керме кылып токур эле*; 2. *тал.* сайма саюу үчүн жасалган жыгач алкакча; **керме таар** *батк.* колго согулган жүн таардын түрү; *керме таарды бүтүрүп тавагың та-ва турдуву?* (ишиң оңунан чыктыбы?); **керме шивеге** *алб.* сайма сая турган илме шибегенин бир түрү; *керме шивеге менен манатка сайат.*

КЕРМЕЙ *жжол.* алжаюу; *кермейип турат.*

КЕРМЕК *зам.* тери боёо үчүн бадалдын түбүнөн алынган боёк; *көлдөлөңдүн терисин кермек менен бойойт.*

КЕРМЕН *суз.* эрмен сыяктуу келип, жыт чыгарган өсүмдүктүн аты; *кермен чөп да өсөт.*

КЕРНЭЭТ *баткч.* карасанатай; *жәш жәниңдә кернээт бовосоң.*

КЕРТ I *тяньш.* кемтик, жетишпегендик, кемчилик; *эч керти жок кылыгы бар.*

КЕРТ II: бешик керт *лейл., эск.* илгерки учурдагы бешик кудалык; *бешик керти болор эде, энди каган.*

КЕРТЕ *батк.* кырсылдак; *керте коон болот.*

КЕРТИМ *тал.* жыйылган жүктүн бир бөлүгү; *жүктү кертим-кертим кылып жый.*

КЕРТИМДЕЛ *жжол.* жүктү текчеге «кертим – кертим» кылып жыюу; *төрдө атайын текчеге төшөктөр кертимделип жыйылат.*

КЕРТКИ *суз.* керки; *талды кертки менен кыйып жатыптыр.*

КЕРТМЕ *базк.* коондун чоңураак келип, сүйрү узун өсүп, үзүлгөндөн кийин көпкө чейин сакталып, сакталган сайын даамы жакшыра берген түрү; *кертмени гәрч кылып кой.*

КЕРТМЕН *батк.* кетмен; *бир кыштакта туруп эле беришерге кертмен жокпу, пача!*

КЕРЧЕ *тал.* казыктын баш жагын кертмектөө; *аттардын чылвырын байлай турган жерин керчеп кой.*

КЕРЧӨӨ *чүй.* илгерки шыйрактуу мылтыктардын кундагы менен тушакчыны бекитип кадаган кадоо; *мылтыктын керчөөсү кайсыл экенин көрсөтчү.*

КЕСЕ *ыск., эск.* илгери бышык кийизди эки кабаттап, арасына кум сиңирип, чууда менен кайып жасаган жоо кийими; *илгери келинге кесе бастырчу экен, азыр андай жок.*

КЕСЕГЕЧ *жерг.* курч; *кесегеч пычакты Көwнө-Коргондо жоготуптур.*

КЕСЕКИ *өзг.* 1. кашек чөп; *чөптүн калдыгыны кесеки дейт.* 2. *батк.* жалпы эле орулуп чабылган чөп; *саратан жеген кесекиден майдалап кекиликтин тәгигә салат.*

КЕСЕМЕТ I *батк.* аласа,

шартташкан буюм; *тез арада кесеметиңди алчы.*

КЕСЕМЕТ II *батк.* салык; *беш миңге кесемет кесиптир.*

КЕСЕН *тал.* татаал, кыйын; *кырвылуw кыйа кесен жол.*

КЕСЕП *ал.* жүн, жип; *кесеп жасагалы жатам.*

КЕСЕРИН *кочк.* ызырынуу; *сазайыңды гана бервесемби деп кесеринди.*

КЕСЕТ *жерг.* кезөө; *колуңду көп кесетпе.*

КЕСИК I *тторо.* бүткөн бой салмактанып, эт ысып чыккан оорунун бир түрү; *кетпес кесик бир ай чамасында айыгат.*

КЕСИК II *чүй.* малдын кулагынын учунан кесилип салынган эн; *сөстүн чуңкурун ошол киши билет, кесикти да көрсөтүп берет.*

КЕСИМ I *чүй, эск.* кандайдыр бир чыгымдын үстүнө дагы кошумчаланган каражат; *бир ас кесим кошовус ко деген экен* (азыр бул көрүнүш жоюлган).

КЕСИМ II *ыск., кем., эск.* мурунку учурда бирөөгө сүт берип, ал чайпалып төгүлсө, ага эки салаанын үчүн тийгизип, анан эки ийинге жанып койгон ырым; *сүт төгүлсө, кесим кылышкан, антпесе саан кыскарат дешкен* (азыр бул көрүнүш жоюлган).

КЕСИМДИ *пам.* бир кертим, бир бөлөк; *кесимди гөш бер.*

КЕСИМСЕК *жерг.* кесүүгө ниеттенгендик; *тилет эле, кесимсекке бовой койдугочу.*

КЕСКЕНПАЛОW *өзг.* камырды тоголок – тоголок кылып, анан күнгө кургатып, кийин майда тууралган этке кошуп демдеп жасаган тамак; *гөр куйса куйсун, казан кайнасын, теги кескенпалоwун берчи.*

КЕСКИЙ *акт.* темир кесе турган кескич, кайчы; *темир кеский. кынаптагыч кайда ?*

КЕСКИЛИК *суз.* 1. төрт чарчы келген кичине – кичине гүлдүү ак материал; *кескилик дүрә тараmат;* 2. *ноок.* кичинекей гүлдөрү бар чакан агыш жоолук; *кескиликти тәшәп кетпең.*

КЕСКИН *өзг.* уук, кереге жасай турган, жоондугу үч элидей жа – пайы терек; *кескин сайда бар.*

КЕСМАНА *жжол., эск.* 1. мурунку учурда бир кур жаштар эртең менен эрте топтолушуп, оюн – тамаша курушуп, бозо ичишип, анан иш маалында тарашып кете турган көрүнүш; *кесмананы кезип, ичип, ата–энеден безип ичишкен эле* (азыр бул көрүнүш жоюлган; 2. алып – сатар; *кесмана сатып, күн батырган* (бул көрүнүш да эскирген); 3. бозо салуучулук.

КЕСМАНАЧЫ *жжол., эск.* бозочу; *кесманачылардын боз тамы жоголду.* (азыр бозо салып "кесманачы" болуу жоюлган).

КЕСМЕ *батк.* 1. эки элидей болгон тик жака; *ойтова, дүнүйөң кургур әә, жакасы кесме экен;* 2. *батк. эск.* "пәрпи" бүдүрүн кичине – кичине кесип из салып дарымдоо жолу; *пәрпини кесме кылат эде* (азыр мындай көрүнүш жоюлган); **кесме дары** *жерг.* дарынын кыркылып, кесилип даярдалган түрү; *илгери кара бийлик, кальң мал, кесме дары богон экен*; **кесме атала** *жерг.* «док» катыкталып, ысыкчан адамга бериле турган тамак; *кесме атала кылып бер*; **кесме күрүч** *акт.* камырды кесме кылып кургатып, бууга бышырып, майга кууруп жасаган тамак; *кесме күрүч кылып жешти*; **суу кесме** *ыск.* эт – катыгы жок жасалган кесме тамак; *суу кесмени Таласта «кесме көжө» дешет экен;* **сүт кесме** *ыск.* 1. сүткө

же сүт кошулган кайнак сууга бышырылган кесме тамак; 2. *жумг.* сүткө үзүп-үзүп салынып бышырылган камыр тамак (кээде сүт боорсок деп да аталат).

КЕСМЕН *түп.* кепсен; *кесмен берчу беле?*

КЕСМЕЧИ *жерг.* бычмачы; *не кесмечи болуп кеткенсин?*

КЕСТЕ *чүй.* тизмек; *сөз кестеси тийгенде жавагы дегендер болчу эле депсиң го.*

КЕСТЕТ *кочк.* метрлөө; *чепкендик дукава кестетти.*

КЕСҮW *ноок.* кезек; *онон кесүw кылып үчтә-төрттө бала ойноор эдек.*

КЕТЕ I *чүй.* кичине бир байлам жоолук; *Карачач, кетенди салынып кеттим.*

КЕТЕ II *нар., сейр.* аюунун ургаачысы; *менден сурасаң, кетени көрбөдүм.*

КЕТЕГЕЧ *жерг.* кете берме; *жәнәшә кәштәни бүтпөй ле кетегеч боловусуң?*

КЕТЕСИ *чүй.* кете турган; *ал үйгө кетеси болду.*

КЕТЕЧЕ *түп.* чопкутка тагылуучу шарпылдактын бүчүсү; *андай бүчүнү кетече дечүвүз.*

КЕТИ *жерг.* арт, кийин жак; *баланы ишке буйур, кетиден өзүң жүгүр.*

КЕТИК I *базк.* өңү каралжын сулп эттүү, даамдуу, жонунун тилмеси билинип турган коондун түрү; *базарга барып кетиктен алдым.*

КЕТИК II *батк.* малдын кыгын сыртка ыргытып чыгаруу үчүн дубалдын боорунан жасалган оюк; *агылдын кетигиден ыргыт.*

КЕТИЛ *батк.* жөн эле сүйлөнүү; *әсили бейпай кетилбейт.*

КЕТИЛДЕ *кочк.* кытылдоо; *кетилдеп күлүп жиберди.*

КЕТИМСЕК *жерг.* кетүүгө ниеттенгендик; *кийинги жумада кетимсек болуптурлар.*

КЕТИР: кетир-мутур *ыск.* кетик-метик; *кетир-мутурун түшүрүп, түргө салып бойойт.*

КЕТИШ *батк.* маал, кез; *ол жигит жаш кетиште чыйрак эде.*

КЕТКЕТ *жжол.* бүлгүн, чапкын; *чындап кеткет келсе чыдавас.*

КЕТКИЧЕН *батк.* кеткичекти; *качып кеткичен, чачып кет.*

КЕТКУТ *зам.* комузга тагылуучу кыл; *домбурага кеткут тагат.*

КЕТМЕКЕЙ *зам* кайра-кайра; *чикилдекти кетмекей ойной берет.*

КЕТМЕНЧӘӘК *жерг.* кичинекей кетмен; *онавы кетменчәәкти алып бер.*

КЕТТИ *батк.* 1. ооду (сандар эсептелгенде ондуктан кийин беш санга чейин "кетти", беш сандан кийин "кәм" деген сөз колдонулган); 2. *батк.* бирөөнү оюндан чыгарууну аныкташ үчүн айтыла турган сөз (мисалы: бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети, "кетти" дегенде "кетти" деген сөзгө туура келген бала чыгып турат); кетти-кетти жаштар тизелешип отурушуп, ортого бирөөнү көзүн жумдуруп отургузуп коюп, анан тизенин аралыгынан бир нерсени жашырып, жылдырып, «кетти-кетти» деп ойногон оюн (ортодогу бала аны табууга тийиш).

КЕЦ I *баткч.* кеч; *кецке цапкан цөпту өлцөдү.*

КЕЦ II *баткч.* кечүү; *сүwдү кецип кетти.*

КЕЧГЭЭРИ *жжол.* кечке чейин; *кечгээри мен беш мәртә барам.*

КЕЧЕ *батк., лейл., жерг.* түн; *кече босо йәм койлор нowда жүрөт.*

КЕЧЕГЕ *жерг.* түн ката; *кең Лахшы жериден кечеге кеген баламын.*

КЕЧЕГИЛИК *жерг.* түнкүсүн аткарылчу иш; *кечегилик ишке баравысың?*

КЕЧЕЙИ *лейл.* түнү менен; *үч күн кечейи жол жүрөт.*

КЕЧЕК: келин–кечек *ыск.* келин – кесек; келин – кечек, кемпир – кечек деп айта берет; **кам–кечек** *кочк.* камылга, даярдык; *жолго кам–кечек көрвөсөм болвойт.*

КЕЧЕЛЕ *пам.* түндөп, түн катып; *жетим барам кечелеп.*

КЕЧЕМ *батк.* кечинде; *кечем мен келем.*

КЕЧЕСИ *жерг.* түн ичи; кечеси кеттилер; *күндүw кечеси* кереэли кечке; *күндүw кечеси жол жүрөт.*

КЕЧЭЭҢ *түп.* кеч, кечиккендик; *жаз мелдешин кечээң укпа.*

КЕЧИГИ *жерг.* түнкүсүн; *кечиги өткөн ойунда, жеңе.*

КЕЧИК *жжол.* кечүү; кечик издеп жүрүшпүз; **ат кечик** чоң, терең кечүү; *ат кечикке чыга берген жерде;* **белче кечик** *зам.* кичирээк кечүү; *белче кечик атыккан;* **кара кечик** *ал.* суунун кара таштуу келген кечүү жери; *кара кечиктен өтүшөт*

КЕЧИЛ *түп.* улгайган бойдок; *өмүр бойу кечил өтөйүн дединби?*

КЕЧИМСЕК *жерг.* кечүүгө ниеттенгендик; *суw кечимсек болуп турганда сел келип калды.*

КЕЧИНДЕСИ *тал.* кечинде; *кечиндеси өкөwүз бирге болдук.*

КЕЧИҢКИРЕ *батк.* бир аз кечигүү; *кечиңкирип келди да.*

КЕЧИР *ал.* короздун бутундагы текөөр; *кечирди көрүп, короздун канчага чыкканын билет.*

КЕЧИТ *тал.* кечмелик; *кечиттеги сормодон ал зорго өттү;* **дайыз кечит** суусу аз кечүү; *дайыз кечит, түвү көрүнүп турат.*

КЕЧКЕТЕ *акт.* кечке дейре; *кечкете өжөрдөндү.*

КЕЧКИЛ *ыск.* чуңкур, кыраан; *кечкил көзү чоктой кызыл.*

КЕЧКИЛИК *чүй.* кечүү; *узун дайра кечкилик, балапан менен баскылык.*

КЕЧТЕ *өзг.* кечинде; *эки жигит кечте келмекке мәсләттәшәт.*

КЕЧТЕН *чүй.* кечки тамак ичүү; *сагыныч менен кечтенди.*

КЕЧҮWЛӨ *жжол.* кечмелик кечүү; *козу кечүwлөп* (тайыз кечүү кечип) *өткөн.*

КЕШЕК *атб., жжол.* 1. жыгач отургуч; *тартайган кешектер турат;* 2. эшиктин кашеги; *ай, май ичме, кешекке сүйөнбөй тур.*

КЕШИККОР *жерг.* кешикчил; *келин кешиккорву, куйөw кешиккорву?*

КЕШМИР *батк.* оозу бош; *кешмир экенсиң, бовосо менин богонумду неге әйттиң.*

КЭЭРДЕН *тал.* кекээрденүү; *сен мага кээрденбе.*

КИ *жерг.* татаал багыныңкы сүйлөмдөрдү байланыштыруучу байламта сөз; *түлкү әйтәт ки, мен о... ак белге барып турам.*

КИВИК *чүй.* көздү жалтайлатып кыбыңдатып ала качкан көрүнүш; *мени көргөндө көзү кивик–кивик эте түшөт.*

КИВИКТЕ *чүй.* көздү кыйгачтатып качыруу; *көзү кивиктей түштү.*

КИВИҢДЕ *кочк.* эптеп тырмалап ш жасоо; *аны билдим да, кивиңдеп жүрө вердим.*

КИВИРДЕ *алб.* неберенин баласы; *ичкери үйгө кир деди кивирдесине* ("кивире" болуп да айтылат).

КИВИРЕ *кочк.* чөбүрөнүн баласынын баласы; *бул дүйнөдө кивиренин баласын көргөн киши бар бекен?*

КИВИРЕКЕЙ *ыск.* кодоо, кичинекей; *кивирекейдин колунан эмне келер экен?*

КИГИЗ *суз.* кийиз; *кигиз бастырган әйәлдәр көп;* **кигиз алма**

батк. жыгачынын өңү боз келип, жалбырагынын өңү кочкул болуп, ак кызгылт гүл ачып, мөмөсү сүйрү, сыйда, саргыч, чоң, катуу болуп, кеч быша турган даамы начар алма сорту; *кигиз алмасы сопок келет* (ал бышканда өтө жумшарып кетет).

КИДИЙ *атб.* илгерки кездеменин бир түрү; *кидий тонун кийип, нарын катарга кошуп, жүгүн жерге калтырбайт.*

КИДИЙМАТ *ыск.* кидигий; *бойу кичине кидиймат.*

КИДИК *ыск.* үкүнүн кичинекей бир түрү; *кидик бабыргандан кичине, итчактан чоңураак болот.*

КИДИҢ: сары кидиң *тторо.* эгиндин жаңы баштанып калган учуру; *эгинди сары кидиң болуп калганда, экинчи жолу сугарат.*

КИДИРГИ *кочк.* илинчек; *кевинде кымындай кидирги жок.*

КИДИРЕЙ *жерг.* 1. киртейүү; *кәсәл болуп көзү кидирейе түшүптүр*; 2. *кочк.* буйдалуу,чалынуу; *биртике кидирейе түштү.*

КИДИРЕКЕЙ *кочк.* кидигий; *кидирекей башкуш, эмнеге алың келет?*

КИДИРЕТ *кочк.* айып, кемчилик; *ичи–тышында эч кидирет жок.*

КИЗЕК *жерг.* 1. «гүлдүзү» топунун жээги менен төбөсүнүн кошулуп тигилген жери; *гүлдүзү такыйада кизек болот*; 2. тегиричтин жээгине түйүлүп, кооздолуп чыгарылган чачы; *кыргыз үйдүн кизеги.*

КИЗЕҢ *жжол.* баш кийимдин кырына кармалган баалуу тери жээк; *кытат кылат дейт экен, биз кизең кармады дейвиз.*

КИЗИКТЕ *жерг.* өрмөк соккондо жипти тыкыстоо; *аркан менен эришти өткөзүп кизиктейт.*

КИИН *пам.* сейрек, кийин; *адан киин айтыптыр дейт.*

КИЙӘ *суз.* 1. алма өсүмдүгүнүн дарты; *әгәр ажа гүл алвай калса, ону кийә басканы;* 2. буудайдын кара көөсү; *кейбе бүwдай кийә болсо, паңдап кетет.*

КИЙӘВ *батк.* саргалдак деп аталган чымчыктын үнүн тууроодо колдонулчу сөз; *саргалдак кийәв–кийәв дей верет.*

КИЙГИЛИК *жерг.* кийиле турган нерсе, кийим; *кийгилик кийимди тойго камда.*

КИЙЕ *түп.* жыра тартып сүйлөгөндүк; *туурадан кийе сүйлеп, төшүңдү сокпо.*

КИЙИК I *тторо.* көөрүктүн үстүңкү туура жыгачы; **ава кийик** *атб.* кийиктердин жол баштап, үйүр коргоп жүргөн карысы; *кундус–мундус, мунан ары кундус, алты кочкор мүйүсү, ава кийик териси* (таб. ала кийиз); **ак кийик** *пам.* аркар, кулжанын жалпы аты; *коноктуw өтсүн деп ак кийиктин этини салат*; **кызыл кийик** элик, жапайы эчки – текенин жалпы аты; *кызыл кийикке тийве деп мээсиге жүдә жәйләйт* (аябай кыт кыя түшүндүрөт); **кийик таш** *тал.* мумия.

КИЙИК II *түп.* кийлигүү; *бирөөгө кийигип эмне кыласың?*

КИЙИМСЕК *жерг.* кийүүгө ниеттенгендик; *тойдо чапан кийимсек болдум.*

КИЙИНДЕН *тал.* артынан, аркасынан; *бул абалды кийинден байкаган Жамал болду.*

КИЙИНДЕСИ *тал.* кийин; *түштөн кийиндеси кетесинерви?*

КИЙИНДИРЭЭК *чүй.* кийинирээк; *тамды кийиндирээк жылдырып салавыз.*

КИЙИНИ *жерг.* арка жак; *кийиниңерден жетип баравыз* ("кинни, кийни" болуп да айтылат).

КИЙИНКИЛИК *өзг.* арткы учур; *кийинкилигинде кандай болот?*

КИЙИНГИ *жерг.* арткы, кийинки; *кийиниңги катарда турдум.*

КИЙИНИЧЕ *жерг.* 1. кишинин көзү жок жерде; *адамга гәпти кийиниче әйтпәй алдыда әйт;* 2. арт жакта; *дагы эки миңи кийиниче* ("кийинче" болуп да айтылат).

КИЙИШ *пам.* үйлөнүү тоюнда жакын туугандарга бериле турган бир кийимдик кездеме; *бери аттанарда керээт энеси бир кийиш берди.*

КИЙНЕ I *жжол.* жамынып, же алдыга салына турган нерсенин аты; *төшөнчүвүз кара кийне, жамынчывыз ак кийне.*

КИЙНЕ II *баткч.* кек; *кийне сактап кир болвой, отуруп жай айтып ал* (кээде "кийнә " деп да айтылат).

КИЙНИДЕ *лейл.* кийинкисинде; *кийниде шәйшәмби, шәшәмбиден шәйшәмби бири кәм оттуз.*

КИЙНИҢГИ *лейл.* кийинки; *кийниңги пышырганда колу менен увәликтәйт.*

КИЙПИНДЕ *кочк.* чүштүндөп батына албай, жалтактап кысына кароо, кыймылдоо; *бироокумга кийпиңдеп жүрдү.*

КИЙТ *алб.* арт; *кийтимден катык алып келди.*

КИК *өзг.* кийик; *киктин териси.*

КИЛ *ал.* чүкө, томуктун тарамыш сымал келип килкилдеген эти; *килден кесип берсинби?*

КИЛӘҢ *жерг.* жерди жумшартып, бир нерсе тигүү же отоо үчүн колдонулчу чолок саптуу эң кичинекей кетменче; *агай, ону килэң дейвиз, бериң маңа.*

КИЛӘҢДӘ *жерг.* «киләң» менен жер казуу; *жерди киләңдәдиңби.*

КИЛӘТ *өзг.* эски – уску чүпүрөк; *киләтини жаап койду.*

КИЛДЕ *жерг.* кулпулоо; *кол менен ачып килдейт.*

КИЛЕК *батк.* жазында кийиле турган кийимдин аты; *килегиңди чечип, нары койуп кой.*

КИЛЕҢ *ыск.* бой, салт басып жүргөндүк; *килең–килең этип жүрөт.*

КИЛЕҢГИР *ыск.* 1. калың, бийик өсүп, уюлгуп калгандык; *килеңгир шивер, бөксө жол*: 2. килкилдеп уюй түшкөн нерсе; *эрдине килеңгир тартып кан уйуган.*

КИЛИ *жерг.* ачкыч; *бахыт асманда эмес, кили асманда эмес жерде*; **кили бow** *жерг.* ачкычтын боосу.

КИЛИГОЛ: килигон *жерг.* жыгачтан жасалган кулпу; *килиголду кол менен кулпташат.*

КИЛИЙӘ *ноок.* күмүш сым чое турган куралдын аты; *Үрүстәм, жеңем Кундузга айтчы, килийә кайда деп.*

КИЛЛЕ *лейл.* кирдөө; *колуң килдесе, арак савын менен жуw.*

КИЛПОТО *лейл.* чаңдай үбөлөнүп жешилип турган жумшак чопо; **кызыл килпото** кызыл жошо; *кызыл килпото менен үйдү шываса болот.*

КИЛТЕДЕЙ *чүй.* килтейген, лөкүйгөн; *пыш, килтедей болуп теле былк этпейт* (кээде "килтектей" болуп да айтыла берет).

КИЛТИГИЙ *ыск.* жоон килтийген, бултуйган; *секет болойун, килтигийим – деп жалынавы кишиге!*

КИЛТИРЕ *батк.* килкилдөө; *килтиреген сүр эт.*

КИЛЧӘ *ыск.* кичинекей тегерек нан, токоч; *майлуw килчәңәрдән алып кегиле.*

КИЛЧЕ *ыск.* илгерки баалуу, кооз буюмдун бир түрү; *тактага килче жаап койгон дешет.*

КИМГЕГЕДИР *ыск.* кимдир бирөө; *кимгегедир кимисине таарынам?*

КИМГЕКУЙӨW *жжол.* өңү сары, өзү чоң чымчыктын бир түрү; *кимге–куйөw деген чымчык сайраганда «саңа*

күйөw» деп жооп берет ("кинга – куйөw" болуп да айтылат).

КИМЕКИ *жерг.* ким гана; *шу ишти кимеки бусса, надурус.*

КИМИЙӘ I *батк., батк.* «парпы» деп аталган мээр чөптүн экинчи бир аталышы; *Әнжийән тарапта ол чөптү кимийә дейт* ("кемейә" деп да аталат).

КОТӘН *батк.* чикит ойнунун колду айландырып чабуу фазасы; *чикилдәктин арка шап, котәң, оң кол, сол кол дегендери болот.*

КОТОЗ *пам., батк.* 1. жалпы эле топоз; талаада жайылган котоз; 2. *кочк.* топоздун букасы; 3. *өтм., пам.* сыланкороз; *котоздой кийинтирип койуптур*; 4. чочуп кеткенде айтыла турган сырдык сөз; *чалынып кетип «котоз» деп кыйкырып жүгүрдү. 5. батк., өтм.* орой; *өзү арамза, өзү котоз*; **котоз эти** *жжол.* «увазир – хан» аттуу чүкө ойнунда утулган адамдын эки эрдин чоюп жазалоо түрү; *шап, карга чычты, чеке чертмей, аңыр эти, котоз эти, үшкү, керки деген жаза колдонот*; **тай котоз** эки жаштагы топоз; *тай котоз жүз элүw килә болот;* ◊ **котоздун каймагыны жедиң беде?** эмне ыксырайсың деген мааниде айтылчу туюнтма; **котоздун каймагыдай мелтирейт** *ал.* 1. кандайдыр бир калың туруп калган нерсеге (айран, каймак ж.б.) айтыла турган туюнтма; 2. кимдир бирөө мелтиреп отура берсе, ошол учурда да айтылат; **котоздун мурдудан түшө кагандай** *пам.* жок жерден чыга калгандай деген мааниде айтылчу туюнтма; **котозчо мурдудан жетелетет** *ал.* өз алдынча иштегенди билбейт, бирөөнүн айтканы менен болот деген мааниде айтылчу туюнтма; **котоздун жени – Сарколдо, эчкинин кени – Тарколдо** кандайдыр бир жандын – малдын көптүгүн баядагысы келгенде айтылчу туюнтма.

КОТОН *зам., лейл., батк.* кой короо; *онун котонуга бөөрү түшкөн окшовойву.*

КОТОНДО *жжол.* ысык күндө (койлор) бири – биринен каптал, колтук жагына башын катып үйрүлүү; *койлор котондоп турганда чогулуп калат.*

КОТУР *жжол.* 1. уюм тууду ойну; *котур, котур эчки ойнунда бир топ бала чогулат;* 2. мөмөсү майда, чаар ала келген жапайы алма; 3. *өтм.* кичинекей чабал киши; 4. *жумг.* котурепей (чымчыктын бир түрү); *бизде котур деген чымчык бар*; **котур өрүм** жоон күдүрөйтүп өрүлгөн камчы; *көргө көргөзбө, карга угузба дегендей котур өрүмдү сага көрсөтпөй койсомбу*; **котур тайлак** *пам.* "накчегерди" төөнүн мойну кылып, тонду тескери кийип, төөнүн кейпин туурап ойногон оюн; *тегирмен новваты менен* (ар нерсе өз кезеги менен), *котур тайлакты кийин көрсөтөм.*

КОТУРАҢДА *ыск., чүй.* кичирээк тоголок тартып, анда – санда жерге бир тийип томпондоо; *койдой таш котураңдайт;*

КОТУРАПАЙ *акт.* чымчыктын өңү карала келип, өзү кичинекей болуп, күкүктүн жумурткасын басып чыгара турган түрү; *котурапай кырда болову, токойдо болову?*

КОТУРЕК *батк.* кодо; *бир аптакарал кыган котурек бар эде.*

КОТУРЕКЕЙ *ыск.* котурепей; *котурекей, чакчыгай сыйактуу чымчыктар бар.*

КОТУРЭЭЛИ *өзг.* кичинекей кара чымчыктын бир түрү; *котурурээли жаз алды менен бороон–чапкын болуп келет.*

КОТУШ *чүй.* кош ууч; *жеңимдеги сары алтын котуш салсам түгөнбөйт* (табышмак).

КОТУШТА *чүй.* кош уучта; *котуштап сал.*

КОЧКОРОК *жерг., пам.* 1. палас, таар, килем, шалча ж.б. кочкор мүйүз кебетеленип сайылган оюу, көчөт; 2. чана, чийне, «чигине» ж.б. башы өйдө карай ийилтилип салынган жан жыгач; *чигененин кочкорогу желип калыптыр*; 3. тумшугу өйдө карай шиштийген нерсе; *кочкорок пэтиңке кийипсиң ку* (кээде "кочкорек" деп аталат); **жавык кочкорок** *зам.* туюк сайылган сайма көчөттүн бир түрү; *гилемдин жавык кочкорогун бүгүн согуп болот* (ал кээ бир жерде "пүтөм кочкорок" деп аталат); **сынары кочкорок** жалкы мүйүздүн элесин берген көчөт, оюу; **ыспылы кочкорок** сайма көчөттүн жээги туюкталып сайылган бир түрү.

КОЧКОРЧӘӘК *жерг.* кичине, жаш кочкор; *кочкорчәәгини берведи деп атасы өлдү* (мурчуюп таарынып калды).

КОЧМОРОК *батк.* чокморок; *өрүктөр быйыл кочкорок болду.*

КОЧМОРОКТО *батк.* чокмороктоо; *өрүктүн гүлү кочмороктo.*

КОЧО: **кара кочо** *ыск.* аябай кир болгондук; *кол бошобой жүрүп кара кочо болуп бүттү.*

КОЧУ *жумг., сейр.* кочкор; *кочу деп тергейт.*

КОЧУГУЧ *батк.* кочуш; *энди эки кочугуч бер* ("кошумуч, кошугуч" болуп да айтылат).

КОЧУГУШТА *батк.* кочуштоо; *ысык бүгдайды кочугуштап онон бас.*

КОЧУРАНДА *тал.* итиреңдөө, үтүрөңдөө; *кочураңдашып баратышат.*

КОЧУРМАЧ *жерг.* бадырак; *энди кочурмач калды.*

КОШ I *зам.* тойго келген меймандарды бөлүп – бөлүп алгандык; *Сәрсөннүн кошу Әбдилләникидә.*

КОШ II *түп.* 1. үйүр; *биздин коштон бир да кулун өлгөн жок.*

КОШ III *жерг., батк.* бир нерсеге чегилген, кошулган, кошоктолгон малды буруп, айдоо үчүн колдонулган сырдык сөз; *кош кеден, өгүзүнү бурду дейт.*

КОШ IV: мойну кош жакпайт *зам.* чыдабайт, эчтекени жактырбайт деген мааниде айтылчу туюнтма.

КОШАЙАК *зам., лейл.* түп жагы эки ачаланып, саздак жерге чыгуучу өсүмдүктүн аты; *кошайак зәйәк жерге чыгат.*

КОШАНАЗ *батк.* беде, чөп чапканда узунунан ортого үйө чабуу; *бедени кошоназыдан орсоң, топ болот.*

КОШАТАЛА *эск.* кош чыгар мезгилде мал союп, же жөн эле тамак жасап, бир канча кишилерди чакырып, аларга берип, жер айдатуу, күл же топурак чачтыруу; *токту кочкор сойуп кошатала өткөргөн* (азыр бул көрүнүш эскирген).

КОШАТТАТ *ыск.* узатуу, жөнөтүү; *кошаттатпай эле өзүбүз кетели.*

КОШВАК *жерг.* мейманды коноктогондо мейман тарабынан айтыла турган сөз; *кошвак болуңуз* (көпчүлүккө карата "кошвак болунузлар" деп айтылат да "кош бакыт, экилтик бакыт болсун сизге, сиздерге деген түшүнүк берет. Адегенде үй ээси "кош келиңиздер, үйгө кириңиздер, төргө өтүңүздөр" деп өтүнгөндө, мейман "биз келдик, бәләә кевесин" деп жооп кылат, анан сый көрсөтүлүп бүткөндөн кийин үй ээси ордунан туруп "кош келипсиздер" дейт, ошондо мейман жогорку сөздү айтат).

КОШЕМЕТ *алб.* кошомат; *кошемет кылып, казы-чучук салып жибербе.*

КОШЖЕМЕЙ *жерг.* айыл менен айыл кезектешип, конок кылып, оюн – тамаша уюштуруп берген тамак; *кошжемейге аста басып кетти.*

КОШКАНА *лейл.* 1. тойго келген адам жата турган үй; 2. *жжол.* колхозчулар эс алганда тамактанып жата турган талаа станы; *кошканага түнөп иш үстүндө.*

КОШКИРПИК *чүй.* кээ бир кишилер карыганда көздүн астынкы көнчөк терисинин ички жээгине чыгуучу майда кыл; *кошкирпикти тердирип салваса көздү өйүйт.*

КОШКУЙ *пам.* 1. эки жүздүү; мүнөзү чукул, бат ачууланып, кайра ачуусу бат тараган киши; 2. оома; *кошкуй адам – кокуй адам.*

КОШКУЙЛУК *пам.* тез өзгөрүлмөлүүлүк; *сен, кошкуйлугуңду койсоң боло.*

КОШКУЛАК I *өзг., лейл.* кастрюля; *кошкулактан суw ичтим.*

КОШКУЛАК II *пам.* дүлөй; *кошкулак болсо да колкомду кошом* (айланып – тегеренем).

КОШКЫЙАЛ *алб.* 1. акылынан айныган адам; *арчагендикти тамашалап кошкыйал деп да койот*; 2. орнаменттин бир түрү; *кошкыйал жанаша согулат.*

КОШМАНТ *чүй.* колго салына турган кооздуктун бир түрү; *колумдагы кошмантым, кош эшикке ташкентим.*

КОШМОК I *пам.* майрык; *койондун кошмок буту бар.*

КОШМОК II *батк.* төөнүн бир түрү; *әйри төwгө жүк койсоң бир күндү санайт, кошмок төwгө жүк койсоң беш күндү санайт.*

КОШМОК III *баткч.* түгөй; *авада салмак көтөр деп айтылган кошмок канатка*

КОШМОКТО *батк.* кошоктоо; *кошмоктоп туруп алды дейт.*

КОШМОКЧУ *батк.* жамакчы; *Нәдир жүдә кошмокчу киши, ошодон сурандар.*

КОШОWУЗ *ал.* чыгандын туурасы 130см., узундугу 160см. келип чырмалып токулган ички чийи; *кошowуздү көрсөтүп, кулагыга окуп кой* (түшүндүрүп кой).

КОШОЙ *ыск.* аялдар чочуганда айтылчу сырдык сөз; *опей, кошой, солкулдак, аныңар эмне эле?*

КОШОК *жжол.* 1. турмушка чыгуучу кызга белек катары берилүүчү буюм; *кызга кошкон кошогум деп шакек берет*; 2. колдун алтынчы салаасы; *кошок адам, алты салаасы бар.*

КОШОЛГО *жжол.* тойго кошулуучу кошумча; *кошолгого килем алып келиипгир.*

КОШОЛОН *ыск.* экилентип кошок кошуу; *кучактап алып, кошок айтып кошолондү.*

КОШОМОК *жжол.* казыктын түбүн бекемдөө үчүн кагылган жыгач; *күзүгүнө эки кошомок кагат.*

КОШОН *жжол., сейр.* ууралык кылган; *кошон болвой, жаш баланы корчулап отур.*

КОШООМОТЧУ *батк.* сөздү коштой кеткен киши; *кошоомотчунун күнү курусун.*

КОШТОW *жерг., лейл., пам.* уруч, кошууч; *атка сегиз коштоw жем берет.*

КОШТОWДО *жерг.* кочуштоо; *колу менен коштоwлоп суw алып келет.*

КОШТУК *түшт.* кош ооз; *кошнайды коштук әм деп койовуз.*

КОШУВАЙ *өзг.* кош салаалуу; *кошувай адам.*

КОШУК *жерг,* ыр; *кошук да билем, метел да билем.*

КОШУМ *атб.* 1. ынтымакка кошулган кошумча; *канакей, кошкон кошумуң, канакей?* 2. *батк.* жок жерден табылган олжо.

КОШУНАЙ *ноок.* кош ооз; *кошунай асынып ушта бараттат.*

КОШУНДУ *тяньш.* ээр токумдун жез, же күмүш чөгөрүлүп жасалган кооздугунун бир түрү?; *кошундуу, жүрөкчө, чагарагын жасап койдум эле.*

КОШУУН *атб.* куюшкандын соор жерине келүүчү салпандоор бөлүгү; *кошуундун үстүнө кооз күмүш чаптырылат.*

КОШЧУ *ал.* чымчыктын кош айдоо мезгилинде учуп чыккан балапаны; *кош айдоо вактысында чыгарганды кошчу дейт.*

КӨШ *ноок.* ор, чуңкур; *көштө түшуп кетти.*

КӨШҮҮ *пам., зам.* 1. чукуу, казуу; *иш көшдөсөң иш чыгат;* 2. аралаштыруу, сапыруу; сүттү кошүп кой («көшүү» болуп да айтылат); 3. *жерг.* темин оодаруу; *бушдайды кошүп тур*; 4. бир нерсенин түбүн оюу; *үйдүн тегини кошүп ириптир;* **жер кошүп** *батк.* чакмак таш ойнунда учкан ташты жерди чукулап туруп тосуп алуу кырдаалы; *жер кошүрдү билбей пышкырганы барбы* (тоотпой коймок беле); **оң кошүр, сол кошүр** *жерг.* келин жаңы келгенде кандайдыр бир тамакты (атала, орогон, ширкүрүч ж.б); сабына ак пахта же таза чүпүрөк байланган чөмүч менен оң солго аралаштырып тамак жасоосу;

КӨШНӨ *пам.* эски; *көшнө коргон тура*; ◊ **үйрөнчүк иш кынтыксыз болбос, көшнө кийим жыртыксыз болбос,** кандайдыр бир айыптоо кылганда, анын жүйөөсүн туюндуруу үчүн айтылчу туюнтма.

КӨШНӨР *лейл.* эскирүү; *жыт чыгаруу көшнөрдү* (илгери жаңы келген келин отко киргенде жалынга май, кебек салып, анан үйгө жүгүнтүп кирүү салты, азыр бул көрүнүш эскирген).

КӨШӨ I *зам.* күбө курт; *бизде эвирик көшөнү качырат, жок кылат дешеттер.*

КӨШӨ II *жерг.* көө; *казанга жандэшсең көшөсү жугат;* **көшө сыйпош** *батк., эск.* жаңы төрөлгөн баланы эшикке алып чыгууга туура келсе, мандайына бир нерсе сыйпап, анан гана тышка алып чыккандагы көрүнүш; *көшө сыйпош энди калды* (бул көрүнүш азыр эскирген).

КӨШӨНАН *ар.* чоң – чоң кылып, пияз кошуп жасаган нандын бир түрү; *көшөнанга пийэз кошот.*

КӨШҮК *жерг.* белдик; *кочкорго көшүрүк тартчу эдилер.*

КӨШҮЛ *лейл., зам.* адырларга чыгып, көпкөк болуп чылбыр таштап, кийин тоголок мөмөсү бышканда кыпкызыл болуп жарылып, анысы таттуу келген өсүмдүктүн аты; *көшүл үзүп атып, коркуп өлсө болову* (кыйналса болобу).

КӨШҮН *батк., лейл.* көөнү; *көшүнү тутса көлдөй, көшүнү тутпаса кара гөрдөй* (мак); ◊ **көшүнү жарым** байкуш, бечара; *үчү кэм сэксэндэ көшүнү жарым.*

КӨШҮРҮК *жерг., суз.* көөрүк; *көшүрүктү эчкинин терисиден жасайт.*

КӨШШӘР *батк.* 1. шакектин эки учун бириктергендик; *шакектин эки учу көшшэр болсо, билинбей төгөрөк боп калат*; 2. бир нерсени ширеткенде колдонула турган майда агыш зат; *көшшэр мэйдэ туздай болот.*

КӨШШӘРЛӘ *батк.* бир нерсенин (көбүнчө шакектин) эки үчүн бириктирип туюктоо; *аз болсо йэм болсун, көшшэрлэп кой ону.*

КӨВӘК *батк.* 1. оюк; чуңкур;

талдын бөйрөгүнү кевәк кылса, куруп калды ("көвөк" деп да айтылат); 2. конул, көңдөй; *узун терек ичи көвәк* (таб. гүп).

КӨВӘК *лейл.* 1. миз, уч; *тиштин көвәгигә салып жеп жүгөрөт.*

КӨВӘЛӘК I *зам.* 1. көпөлөк; *көвәләк кармап берем*; 2. көчөт, сайманын бир түрү; *кәвәләк – гилемдин көчөтү* (кээ бир жерде "көвөлөк" болуп айтылат); **кара көвәләк** *миф.* кара кементай кийип, кара тайган жетелеп кыз кейпинде жүргөн жин – пери; *силерди кара кәвәләк айдадывы дейт* (бул эскирген).

КӨВӘЛӘК II *өзг.* күбала; *көвәләк – чоподон жасалган кирпич.*

КӨВӘР *батк.* кебер; *дарвыз пышканда ичи кәвәр болот, мәйли ач каарынга сарымсак пийәз, жей беревиз.*

КӨВГӘР *батк.* ишчи; *иштин паркын көвгәр билет, алтынын паркын зәргәр билет* (мак).

КӨВЛӨМ *лейл., батк.* көктөм; *азыр сүмөлөктү көвлөмдө кылат* (кээде "көгүлөм, көглөм"болуп айтылат*)*; **көвлөм сапар** *лейл.* күз маалы; *аттан түшсө йәм эгерден түшпөс ол, көвлөм сапарда кайда кеткен?*

КӨВЛӨЧ *жерг.* сузгу; *көвлөчтү кичик казанга салат.*

КӨВНӘРИ *батк.* 1. апийимдин кош башы; *көвнәрини жәнчә беде?* (кээде "көгүлөм, көглөм, көкнәәри" деп да айтылат); 2. *өтм.* эс – мас болгондук, дендароолук; *хуштар болуп, кевнәри болуп кава.*

КӨВӨW *жерг.* көбөө; *көвөw – тондун көркү, мөмө – жыгачтын көркү* (мунун: көвөwдүк көркү – тондо, мөмөнүн көркү – шагыла деген түрү бар).

КӨВӨГӨН I *ыск.* жаңыдан көөп келе жаткан камыр; *камырым көвөгөн болуп калыптыр.*

КӨВӨГӨН II *ыск.* көөп дердейген; *көвөгөн киши көзгө илет беле аны.*

КӨВӨК I *алб.* жаш бала; *учу муштай кызарган, ол эмине көвөгүм?*

КӨВӨК II *өзг.* белдик; *кочкорго көвөк тартылвайвы?*

КӨВӨКТӨ *чүй.* узарып көпкө, далайга созулуу, айлануу; *жыл айланып кевөктөп кетти.*

КӨВӨЛДҮРҮК *лейл.* көмөлдүрүк; *көвөлдүрүктү аттын көкүрөгүнө тартат.*

КӨВӨЛӨ *тал.* чуңкур, ийинди оюу, чукулап казуу; *ийинди көвөлөп, кемерлеп казып кирди.*

КӨВӨӨЛ *жжол.* ысык талааларда, адырда бай түп алып, бою 40 – 50см. келип, дүмүрү ичке – ичке болуп, жалбырагы адегенде көк өң алып, кийин саргайып, тамыры 25 – 30см. жете турган, даамы ачуу өсүмдүктүн аты; *көвөөл Кызыл – Жар тарапта өсөт.*

КӨВӨН: боз көвөн *атб.* өңү боз келип, түп – түп болуп чыгуучу өсүмдүктүн аты; *көзү койгултпанып боз көвөндү карап турду;* **сары көвөн** *нар.* эти жаңыдан көөп, саргыч тартып, семирген мал; *беш – алты күндө эле ал күлүк сары көвөн болуп оңоло түшөт.*

КӨВӨНӨК *чүй, сейр.* көпөлөк; *көвөнөк кууган балдар асыр ас;* **көвөнөк канат** *өзг.* көпөлөктүн чаар ала канатын элестеткен сайманын аты; *көвөнөк канатты түзүк салың, Анжийан карадан* (жүзүмдүн кара тоголок сорту) *апперет.*

КӨВӨҢ *ыск., сейр.* олпок, мамык; *өлөң төшөнөт, көвөң төшөнөт.*

КӨВӨӨ *чүй.* кымыз куюу үчүн бочка сымалдантып, бирок андан бийик кылып жасалып, түп жагын 30см. жерге көөмп коюучу идиштин аты; *көвөө – кымыз куйулчу нерсе.*

КӨВӨНӨК *тоң.* көөп кеткендик;

көптү көрсө көвөнөк, азды көрсө чөгөөнөк болуптур.

КӨВӨР *карс.* көгөрүп бузулуу; *көвөргөндө бервеген курутун калды.*

КӨВРӘ *суз., зам.* жука калай, тунуке, жезден жасалып чай кайната турган, же колго суу куя турган идиштин аты; *мундай уста болорву көврә жасаган* (бул сөз "көрә, көрө, көйрө, көвүрө" болуп айтыла берет); **таш көврә** *жерг.* кум чоподон жасалган идиштин аты; *кәттә курдун жаныда* (чий бастырган сызма, белбоо), *таш көврә турат.*

КӨВРӘК *батк.* 1. өңү көк шыбакка окшош, майда ак гүлү бар, ушаласа сууланып көбүргөн өсүмдүктүн аты; *көврәкти әйттим шекилди – жер савын*; 2. өңү агыш келип, тамыры узун, жалбырагы узунча агыш болуп, өзү сөксөөл сымал өскөн өсүмдүктүн аты; *көврәк башка, катыран башка өсүмдүк, көврәк кыска өсөт.*

КӨВҮК I *жерг.* 1. өңү көк келип, узун сабак таштап, ысыкка чыдамдуу болуп, кайрак жерге чыга турган өсүмдүк; *көвүктүн гүлү ачыла элек;* 2. жердин бетине көбүк сыяктанып, 2 – 3 см. чыгып калган таза ак туз (мындай туздарды жергиликтүү эл кыргыч менен кырып алып пайдалана беришет); *көвүк туз дәәмсиз келет;* **жел көвүк** *батк.* чий көбүк; *жел көвүгүнү алып койун.*

КӨВҮК II *акт.* малдын оорусунун бир түрү; *мал көвүк болсо, өзү эле айыгат.*

КӨВҮК III *лейл.* куулук; *кочкордун көвүгү дединби?*

КӨВҮККАР *кочк.* кардын адеп жаагандагысы; *көвуккарда койо бердим.*

КӨВҮЛ I *алб.* түп – түп болуп, согон сыяктанып өсө турган, уй жегенге жароочу өсүмдүктүн аты; *кәрәндә киши эмеспи, көвүл тава келээр.*

КӨВҮЛ II: беш көвүл *өзг.* изчелери бар күмүш шакектин бир түрү; *Сүйүн мага беш көвүлүн чыгарып берди.*

КӨВҮНЧӨСҮ *пам.* көбүнчө; *көвүнчөсү койон жейт.*

КӨВҮРӨӨКТҮК *тторо.* көптүк; *алар көвүрөөктүк кылган.*

КӨВҮРТКҮ I *батк.* эбелек өсүмдүгүнүн жоон келген, көбүртсө көбүк чыккан тамыры; *көвүрткүнө пык дей береттер.*

КӨВҮРТКҮ II *жерг.* тырмактын алдын көгөртүп, ириндетип жибере турган оору; *көвүрткү богонбу тырнагың?*

КӨВҮРЧӨК *чүй.* 1. кичинекей, сөөмөйдөй жумуру, борбоң өзөк алып, анан ичи карамтыл, сырты аппак тегерек келген калдагай баш байлап өскөн өсүмдүк; *көвүрчөктү дары дешетко*; 2. *тал.* дөңгөлөктүн калпагы; *тапсаң, көвүрчөк сеники.*

КӨВҮЧКӨН *тал.* көгүчкөн; *mowgo көвүчкөн оголе көп жүрү.*

КӨВҮШӨК *жерг.* көпшөгөй; *көлөңкөсү көвүшөк көлдө жатып өвүшөт.*

КӨВШӨК *жжол.* дандан жарылта кайнатып бышырган тамак; *ак көвшөктү көп ичип.*

КӨГААЛ *тал.* көк жашаң, тулаңдуу жер; *көгаал жерге айдап чыгып жай.*

КӨГАЙАЗ *кем.* 1. кышында көпкө созулган катуу суук; *көгайазда көппөй жүр*; 2. *өтм.* доюр; *жерден тапсам да санап алам деген көгайаз.*

КӨГАЙКЫ *жерг.* 1. көк жалтаң; *көгайкы муз, көгайкы туз болот;* 2. *лейл.* бузулуп көгүш тарткандык; *ожзуңдакы тиштериң көгайкы болуп калыптырвы?*

КӨГАЙВАН *ыск.* эгинге зыян келтирүүчү, өңү көк, чегирткеден чоң, бирок ошол чегирткедей арбайган жандык; *көгайванды кара, кой*

каптын (алты пуд дан бата турган жүн кап), *үстүндө турат.*

КӨГАЛАЛА *кочк.* эгин абдан быша элегинде эле көк – сөк кезинде тамакка пайдаланууу; *көгалалап күн көрүп кетет* (мындай көрүнүш илгери болгон).

КӨГАРПА *жерг.* арпанын кылкан – муруту жок келип, данды толук алып, өңү көгүш келген жергиликтүү түрү; *Мөктүн жериге көгарпа болот.*

КӨГӘЛӘМ *зам.* көк майсаң; *кәгәләмгә отураттар.*

КӨГӘЛДӘ *лейл.* 1. көк чөпкө откор; *тегерек от экен, көгәлдәп алсын;* 2. көк – сөк, жемишке тоюнуу; *чөлгө барып бир көгәлдәп келиш керек.*

КӨГЕЛИМ *өзг.* жалбырагы солуңку тартып өскөн жапайы өсүмдүктүн аты; *көгелимдин бәриктәри өлүм зәнги.*

КӨГЕШЕН *лейл.* уй тил болуп, кыйыр – кыйыр өскөн өсүмдүктүн аты; *көгешен өскөн жерге баравыз.*

КӨГЛӨШТҮМ *лейл.* көктөм маал; *көглөштүм күнүдө алат.*

КӨГӨЙ I *жжол.* тоонун кыры; *көгөйдө жаткан көп кийик көк чөгөр тийвей бөлүмбөйт.*

КӨГӨЙ II *ыск.* долу; *жоолугу мойнуна түшүп, ал көгөй айавай алкылдады.*

КӨГӨЙ III *батк.* көбөйүү, арбуу; *каада көгөйсө, аш көгөйөт.*

КӨГӨЛӨК *өзг.* көпөлөк; *балдар көгөлөк кuwуп ойноп жүрөт.*

КӨГӨН: **көгөн – көгөн** *пам.* кой – козу ж.б. малды көгөн жакка тоскондо колдонулчу сырдык сөз; *мурдуда чүлүгү бар немеви, көгөн – көгөн девейви;* **көгөн баашы** *пам.* малдын эң башкы кадырлуусу, төл башы; *көгөн баашыны жок кыгандын мору тоңор, акмагы оңбос;* **көгөн бөөрү** *пам.* дайыма көгөндөгү козудан жеп үйрөнгөн карышкыр; *көрүнбөс бәләә айак астыда болуп көгөн бөөрү кевесин;* **көгөн шорво** *пам., эск.* илгери өтө кыйынчылыкта козу көгөндүн «бурчагын» сууга кайнатып, сасык даана кошуп жасап, итке берген нерсе; *бәчәгәр, илгери көгөн шорво деген да богон* (азыр бул такыр учурабайт).

КӨГӨНӨК I *ал.* көгөн; *көгөнөк жаса, энди төл көвөйүп жатат.*

КӨГӨНӨК II *ал.* көгүш, көпкөк; *ыйлай верип көгөнөк болуп кетиптир.*

КӨГӨНЧҮ *пам.* карып, козу – улактан башкага алы келбей калган карышкыр; *тow бөөрүсүз бовойт, токой чычкансыз бовойт дегендей көгөнчү бөөрүлөр да бар.*

КӨГӨРӨК *зам.* күн карама; *өзү көгөрөк, башы тегерек.*

КӨГӨТ *ноок.* дарыя, суу жээгиндеги бадал – садалдуу жердин ачык көк майсаң келген аянты; *көгөттө төрт киши отурат.*

КӨГРӘК *батк.* жики өсүмдүгү; *көгрәк ичинде кырк жылан* (кээде "көврәк" болуп да айтылат).

КӨГҮЛТҮМ *ал.* көгүш; *менин көйнөгүм көгүлтүм болчу* (кээде "көгүлтүрүк, көгүлжүн" болуп да айтылат).

КӨГҮҢКҮ *батк.* көгүш сымал; *көйнөк тигишке көгүңкү живиңиз барвы?*

КӨГҮШ *жжол.* асман телосу; *жылдыздар менен өвүшөт, дос тапкандай көгүштөн.*

КӨГҮШЧӨ *пам.* көгүш сымал; *көгүшчө келген чөп.*

КӨДӨW *ал.* чачык – чачык алып өсө турган өсүмдүктүн аты; *көдөw болсо оттойт, казанда болсо кәвликкә чыгат.*

КӨДӨӨ *чүй, ыск.* көкүрөк сөөк; *деги, эне, көдөөсү бүтүн барвы?*

КӨЗ *жерг.* 1. тегирмендин дан салган долусунан эгин чубуруп түшүп туруучу көзөнөгү; *көзгө эгин толуптур*; 2. *батк., жерг., пам.* жүздүктүн орто жерине кооздук үчүн коюлган жалтырак акак; 3. «иттаман» деп аталган кооздуктун бир бөлүгүнүн аты; *иттаманда үч көз болот;* 4. ар кыл жаныбарлардын көзүнүн элесин берген көчөттүн жалпы аты (кээде "көз көчөт" деп аталат); 5. *жерг.* чикит ойнунда көктү карап туруп, баласын көздүн тушуна коюп, анан түшүрүп чабуу учуру; 6. *алб.* эшиктин алды; *эшиктин көзүнөн туруп айттым го*; **көзү бар** *жерг.* кандайдыр ишеним боюнча көзү башка бирөөлөргө ок болуп тийген адам; *бу кишинин көзү бар;* **көз ат** көз жибер, көз жүгүрт; *көз атып шыкаалачы;* 1. көз тийгиз; *көз аткан бала оwруп калат*; **көз бак** *жерг.* кара; *үйгө көз бак*; **көз кара** *батк.* бирөөнү көпкө күтүп жол кароо; *көпкө көз карадым*; **көзү күйдү** *өзг.* 2. ыза болуу; *көзүң күйдү го;* 3. мактанып көтөрүлүү; *көз күйдү кылып чоң ат токуп бериптир*; 4. кызыгып кумарлануу, ичи тарыгуу; *алвадым деп көзү күйдү болуп жүрсө керек;* **көз такала** *түшт.* көз тойгуз; *шәкәрәпкә көз такалап отурду*; **көзгө тарткам**: ээсине бергем (каза болгон деген мааниде); *чалымды невак эле көзгө тарткам;* **көз чыгарyw** *жерг.* кетмен, күрөк буюмдардын сабын саптай турган оюгун адегенде «калам» менен тешип алып, анан отко кызытып, ал жерди кайра түрүп, тешигин чоңойтуп, кайра оюгун кеңейтип эпке келтирүү процесси; **көз тааныш** *жерг.* үстүртөн, сыртынан тааныш; *көз тааныш болдук саалга*; **көз бywмай** *батк.* көздү жоолук менен байлап, оозго тыйын тиштеп, анан дагы бирөө ошентип, ооздогу тыйынды таптырып ойногон оюн; *көз бywмайда тәңгә тиштетет* (кээде ал "көз байламай, көз байлар, көз бекитмей" деп да аталат); **ак көз** *жжол.* 1. жердин өңүнө карай ак кылдан жасалган тузак; *жер ак торпу болсо, ак көз жасайт*; 2. *өзг.* көзү чалыр; *менин атым – ак көз;* **ала көз** *иск.* 3. көзүнүн агы чоң, карачыгы кичине мал; *ала көз ат минип жүрөт*; 4. *жжол.* жердин түсүнө жараша ала кылдан жасалган тузак; *жер чаар болсо, ала көз жасайт*; **аркар көз** *пам.* аркардын көзүн элестеткен көчөттүн аты (кээде ал жука нерсеге түшүрүлсө "аркар көз кеште" деп аталат); *куш тилини куш билет, аркар көздү ким билет?*; **арпа көз** *суз.* көзү чоңураак жана сүйрү келген; (ийне, темене); *арпа көз ийне бар;* **ат көз** *зам.* узун ичке болуп чыга турган өсүмдүктүн аты; *ат көздү көздүн тәгигә басып койо беле?* (катып коё алат беле).

КӨЗГАНА *жерг.* көзгө карата ичи эзилип, эрип кайрылганда айтылчу сөз; *көзганамдын карасы, тишгәнәмдин сарысы* ("көзгинә, көзгуна" болуп да айтылат).

КӨЗГӨЧАВАР *тторо.* бою 1 – 1,5м. келген, гүлү көк, баш жагы тоголок келип тикен чыгарган өсүмдүктүн аты; *көзгөчавар боз талаага деле чыга берет.*

КӨЗГҮЛ *жерг.* 1. сырткы кабыкчалары майда – майда, кат – кат келген, гүлү ар түрдүү болуп, көбүнчө көгүш тартып, ар түрдүү тарам алган өсүмдүктүн аты; *көзгүл дашта көп өсөт*; 2. темир буюмдарга түшүрүлгөн кооз чийимдин бир түрү; *темирден жасагандарыга: көзгүл, чекмегүл, нахши гүлкан, нахши байза түшүрөттөр.*

КӨЗДӨW *пам.* көз салып калган, көзүккөн нерсе; *көк дөң бир сенин көздөвүwүң.*

КӨЗДӨWЧҮ *жжол.* куш салганда

ал айдап, көздөп берген киши; *көздөwчү, айдоучу болуш керек.*

КӨЗДӨМӨ I *өзг.* жаздыктын узун, сүйрү жасалып, өң тарабынан ар кай жерине актан тегерек көзчө салынып, «парпырак» кошуп кооздолгон түрү; *көздөмө жастыктын көзүнө окшош.*

КӨЗДӨМӨ II *жжол.* саятчылыктын тор жайып коюп, андып жатпай үйгө барып – келип, куш кармоо түрү; *үйгө кетип, карап турса, көздөмө дейт.*

КӨЗДӨМӨК *лейл.* көздөө; *сөздү сөз демек, алды-кийин көздөмөк керек.*

КӨЗДӨР *ал.* көз жиберип суктануу; *эгизден учкан улардай көздөрөсүң, кыз жибек.*

КӨЗДҮW *жерг.* 1. ишеним боюнча кандайдыр бир көзүндө өзгөчө касиети бар; *көздүwгө көзүкпө, сугу түшөт*; 2. таманында ондон ашык майда кызыл, көк жашыл тоголок акагы бар шакек; 3. *ноок.* мелт – калт; *кымызды көздүw– көздүw куйду.*

КӨЗДҮК *түп.* көз жапкыч, көз калканчы (аттыкы); *отто олоймонду көрө алат белең – көздүк жамынгансып калыпсың.*

КӨЗКОР *ал.* жойпу; *эсиң ооп, жалпайа түшөсүң ээ, көзкорум?*

КӨЗМӨЛЧҮЛ *баткч.* куйту; *көзмөлчүл кишиге не әйтәсиң?*

КӨЗӨW *жерг.* көздүү; *көзөw мончок жерде калвайт.*

КӨЗӨЛ *алб.* сулуу, чырайлуу; *көзөл кызды көрдүм.*

КӨЗӨЛӨ *өзг.* отту көсөө; *отуңду көзөлөвөй бери басчы.*

КӨЗӨЛЧҮ *ноок.* түнкү сакчы; *казан каттамадан көзөлчүгө ала бар.*

КӨЗӨМАЛ *зам.* көзгө атар; *көзөмал болсо йәм, бир кесек менен эки карга уралвас.*

КӨЗӨМӨ *ноок.* көзөмөл кылган; *көпүрөктөн көчө өткөн, көзөмөсү кошо өткөн.*

КӨЗӨМӨЙЛӨ *батк.* көзөмөлдөп сак болуу; *мен кегенче козуңу көзөмөйлөп туруң.*

КӨЗӨМӨЛ *жерг.* үч жашар төө; *көчкөндө көчү өр тартсын, көзөмөлгө жүк артсын.*

КӨЗӨМӨЛДӨ I *жерг.* атайын багылып жаткан мал; *көзөмөлдө көп төwдүн бир сокуру кетет.*

КӨЗӨМӨЛДӨ II *батк.* мээлөө; *мылтыгыңды берчи, мен көзөмөлдөйүн.*

КӨЗӨМӨЛДҮК *ыск.* көз салып байкоочулук; *увактысында көзөмөлдүк жүргүз.*

КӨЗӨНӨК *жерг.* тузактын көзү; *тузактын көзөнөгүнө илинип калат*; **кереге көзөнөк** *өзг.* таарга түшүрүлө турган оймо – чийменин бир түрү; **көзөнөк чөп** сабагында көзөнөкчөсү бар өсүмдүктүн аты; *көзөнөк чөптү кар жилик менен керегеге илип койот.*

КӨЗӨЧӨ *ноок.* чоподон жасалган кичирээк карапа; *көтөргөну көзөчө, отургану көрпөчө, урунганы таш тавак, кайнатканы аш кавак.*

КӨЗТИКЕН *батк.* бармактай – бармактай баш алып, бутактары туш тарапка бажырап чачырап өскөн, узун сабак алган, тикендүү өсүмдүктүн аты; *көзтикенди күйгүзүп кел дептир.*

КӨЗТУМАР *батк., эск.* көз тийбесин деген ниет менен илгери ырым – жырым кылып колтукка тагылган тумар (азыр бул көрүнүш жоюлган).

КӨЗҮК *жерг.* 1. учуроо, кабылып калуу; *апта бовой көзүктүм*; 2. көз тийүү; *көзүгүп өлгөн эле.*

КӨЗҮКТҮР *лейл.* капалантуу; *ону кыйнап көзүктүрбө.*

КӨЗҮЛДҮРҮК *түшт.* көз айнек; *кара көзүлдүрүк тагынып алыптыр.*

КӨЗҮМДҮРҮК *алб.* көз айнек; *атамдын көзүмдүрүгү сынып калды.*

КӨЗЧЕМЕ *пам.* өр; *алды жагыны караса, көзчеме болуп кете берет.*

КӨЙ *жжол.* 1. таш жалак калгандык; *көй калдың сүйгөн кызындан*; 2. *атб.* беймаза; *балаа тил алвай көй кылды го.*

КӨЙКАП *ал.* уйгу – туйгу; *ичи көйкап, абдан буйукту.*

КӨЙКӨЙ *жжол.* үзүр, жыргал; *дүйнөнүн кызыгынан, көйкөйүнөн кечкен эмес.*

КӨЙКӨЛ *тал.* жалжалым, жыргалым, алтыным; *кошуңуз деп колун алвайт көйкөлүм.*

КӨЙКҮТ *батк.* өз камын ойлоо; *көйкүтүп отуруп гэптин кызыгыны көрөсуң.*

КӨЙЛӨ *тяньш.* көөлөө; *каймакка талкан көйлөп берди.*

КӨЙЛӨМ *чүй.* көөлөм; *андан көрө бир көйлөм талкан жакшы.*

КӨЙЛӨК *пам.* көйнөк; *куру намыс көйлөк жыртат.*

КӨЙЛӨҢКӨ *зам.* көлөкө; *талдын көйлөңкөсүнө отурайык.*

КӨЙНӘРӘ *өзг.* заардуу; *чоң атам жарыктык көйнәрә киши эле.*

КӨЙНӨК *чүй.* буудайдын тышкы кабыгы; *буудайды көйнөгү менен берсең деле аймаң – аймаң этип жеп койот*; **акырек көйнөк** өлгөн кишини жерге коёрдо кийгизиле турган көйнөк; *акырек көйнөк девегин, алыста жүрүп сыйлашкын.*

КӨЙНӨЛҮ *жжол.* кара өрүктүн түрү; *кара көйнөлү, сары көйнөлү, ак көйнөлү – көйнөлүнүн түрлөрү.*

КӨЙӨ I *тал.* сүзмө катыктаган жарма; *арпа көйө, бүгдай көйө болот* (кээде "көжө"болуп айтылат); **айран көйө** айран куюп катыкталып жасалган тамак; *жайында айран көйө көп жасалат*; **ачытма көйө** ачкыл тамак; *кийинки жылдары ачытма көйө жасабай калдык*; **жайган көйө** жайган аш деп аталган тамактын экинчи бир аты; **жайма көйө** *чүй.* камыры чоңураак кесилип, коюу жасалган тамактын аты; *жайма көйө асыр жасалвай калды*; **жарма көйө** акшактан жасалган, ачытылган суусундук тамак; **жыл көйө** илгери кыш айрылып, жаз келгенде жаңы жылдын башталышын белгилеп жасалган тамак; **кескен көйө** *тал.* кесме; *кескен көйөнү суйук – пуйук кылып жасайт*; **конок көйө** *чүй.* конок, жүгөрүдөн жасалган ачыма, суусундук тамак; **көк көйө** чөп – чар аралаштырылып жасалган сорпо тамак; **көп көйө** *эск.* жаз келгенде тогуз даамдын башын кошуп (суу, туз, калемпир, конок, таруу, ун, май, сүт, пыяз) ботко жасап, үй – үй кыдырып жеген тамак (азыр мындай көрүнүш жок; кээде ал "көчө көжө" деп да аталган); **кымыс көйө** ачкыл; *биз кымыз көйө ичтик*; **меке көйө** мекенин данын сууга жууп, сокуга жанчып, шамалга тазалап, анан бышырган тамак; **умач көйө** ундан майда – майда тоголок кылып, анан кызытып алып жасаган тамак.

КӨЙӨ II *батк.* көө; *казандын көйөсү жукпасын.*

КӨЙӨ III: **каш көйө** *батк.* 1. жүгөрү, мекенин сотосу, башы дан албай карарып күл болуп калган оорусу; *жүгөрүнүн ичиде кара көйө бар экен*; 2. кара сойлок; *бүгдайдын арасыда кара көйө бирге чыгат.*

КӨЙӨЛҮҮ *батк.* кара көсөлүү; *кара көйөлүү бүгдай экен, наны аччык болуп калды.*

КӨЙРӨ I *акт.* түбү тегерек, ооз жагы да тегерек жайык келген эки кулактуу ар кыл идиш; *көйрөгө суу куйуп койгула.*

КӨЙРӨ II: кара көйрө *кочк.* мал жайлап кара күрөң тарткан кыктуу жер; *кара көйрөгө эгин айдалса, эми кой, тим эле укмуш болот да.*

КӨЙРӨК *ыск.* балдар бири –

бирин эликтегенде айтылчу сырдык сөз; *кана сенин тулпарың көйрөк – көйрөк дешти.*

КӨЙРҮ *ноок.* көбүрүү; *укмуш кулактай көйрүп кетет.*

КӨЙЧӨК *ал.* кичинекей көйнөк; *узун шиштүw кирпинин көйчөгү боло беле?*

КӨК I *батк., жерг.* 1. жыгач челек жасаганда колдонула турган жука, ийилчээк жалпак тилинди; 2. *баткч.* арчы же алгоо чогултканда сүттү өлчөп берүүдө колдонула турган сөз; *сүттү бир көк, эки көк, үч көк, төрт көк деп өлчөп берет*; 3. *өтм.* күдөр, үмүт; *алсыратып саргайтып көгүнү үзбө.*

КӨК II *түп., сейр.* карышкыр; *нөшөр куйса, көгүң күч*; **көгү бар** *батк.* аза күткөн, аза күтүү белгиси катарында көк кийим кийген аял, эркек; *тойго көгү бар болсо барбайт*; **ай көк** *жжол.* абдан көк, кежир; *ай көк дегенде мунан ай көк мунан;* **ак көк** *чүй.* ар кыл нерсенин аралашмасы; *ак көктун баары жатат*; **аксыз–көксүз** *суз.* тиешесиз, укуксуз; *аксыз–көксүз боло веден?* **ат көк** *батк.* беденин эң аяккы чабылбай калган көгү; *төрт чавыктан кийин беде ат көк болот*; **көк жетим** *тал., өтм.* бузук; *оо, көк жетим болуп өспөй жүр*;

КӨКБАШ I *тал.* 1. тоолуу жердин беттерине чыгып, бою бир метрдей келип, баш алып өсө турган өсүмдүктүн аты; *көкбаш беде сымал өсөт*; 2. мекенин бышпай калган сотосу; *мәкәнин көкбашын жулуп алып ойноп жүрүшөт.*

КӨКБАШ II *жерг., ал.* уйкучу; *о, күн кайдан чыкты, көкбаш туруптур.*

КӨКБАШТЫК *ош.* жалпы эле майда – чүйдө салып коюучу таар; *көкбаштыкты оодарвай эде кой.*

КӨКБОР *жжол.* төөнүн алын кетирип, жем – чөптөн калтырып оорута турган дарты; *көкбор төwдө ал болбойт.*

КӨКГҮЛ *суз., батк.* 1. узун ичке сабак алып, өңү көк келип, апрель, май айларында гүлдөп өсө турган өсүмдүктүн аты; *көкгүлдү каттык жөтөлгө кайнатып ичирет*; 2. *батк.* улар оту; *көкгүлдү улар оттойт, пэпич гүлү башка болот.*

КӨКГҮМ *тал.* жаз – жайында бир тал көк чөптү эки кишинин бири алып, бири кийин сураганда көрсөтө коюуга тийиш болгон оюн; *көкгүмдө жашырганын ар дайым жанына ала жүрөт.*

КӨККАМЧЫ *өзг.* 1. көзү төөнүкүндөй ала чагыр, канатынын үстүндөгү жапкычтын бир үлүгүндө экиден талы болуп, анысы ээрдин канжыгасындай саландап турган бүркүт; *жокту сурow тават дегендей сурай берсеңер, көккамчы деген бүркүтту да көрсөтөр;* 2. *тал.* камчынын өрүмү он эки көктөн өрүлүп, ортосуна өзөк салынып, алаканына күмүш жабылып, кооздоп жасалган түрү; *көккамчыны кайыштан эмес көктөн өрөт.*

КӨККАНАТ *жжол.* 1. тумшугу узун, ак тамак, боору мала күрөң, канатынын асты – үстү көк, куйругу чолок, кичинекей канаттуунун аты; *көкканатты карайбы, ичине ит өлүп турат* (жадырап, чачырап турат); 2. көк карганын канатын кайнатып суусун ичирүү; *көк жөтөлгө көкканат ичирген* (азыр мындай көрүнүш жок).

КӨККАРА *алб.* талаа корукчусу; *owрудан кийин талаага көккара болуп иштедим.*

КӨККАРГА *батк.* шайынын көк жол – жол түсү бар түрү; *көккарга шәйини кимге беревиз?*

КӨККАТЫН *тторо.* кудум эле жалбыз сымал өскөн өсүмдүктүн аты;

көккатын арыктын бойлоруна жайнап бийик өсүп чыгат.

КӨККАШКА *жерг.* 1. ичке жалбырактуу келип, тал – тал болуп коюу чыгуучу өсүмдүктүн аты; *ону көккашка дейвиз*; 2. *тал.* алдыңкы кашы ичкерээк келип, он – он эки см. болуп, тик чабылып, маңдайына чагарак кадалган, арткы кашы тегерек чоң келип, кайыңдан чабылган ээр; *көккашканын эки кашы болот.*

КӨККОЧКОР *пам. миф.* кочкордун пири; *көктөн түшкөн көккочкор.*

КӨКМАТ *ал.* кичине балдар кие турган, уч жагы чучтугуй кулакчыны бар тумак; *көкматты кийгизип кой балаңа.*

КӨКМИЛТЕ *пам.* төрт кырдуу болуп, стволунун узундугу бир метрдей келген илгерки мылтыктын бир түрү; *көкмилте менен хадим көп эле кийик атуwчу эде* (азыр бул атоо да, реалий да эскирген).

КӨКМОЙУН *жерг.* 1. мойну көгүш, калган жери боз келген кичине канаттуунун аты; *бәәрдә бир–эки куштан кийин көкмойун келет*; 2. *ал.* кийиктен кичирээк келген, мойну эликтикинен бир аз узун болгон, алдыңкы сээринин үстүндө жазы агыш, көк белгиси бар кайберен; *кийиктин арасыда эки – үч көкмойун жүрүптүр*; 3. *чүй.* тогуз кумалак ойнундагы сегизинчи чөйчөкчөнүн аты.

КӨКМӨК I *лейл.* 1. такыр жерге тоголок тартып жапыз өсө турган жыттуу өсүмдүктүн аты; *көкмөкту отун да кылат, тойут да кылат;* 2. *батк.* өңү көк келип, тикен албай, катуу өскөн жыгач өсүмдүгүнүн аты; *көкмөк боз жерге, тоwго чыгат.*

КӨКМӨК II *жерг.* 1. көпкөк; *жер көкмөк болуп жәйнәйт;* 2. чекир; *көзү көкмөктөй ле.* (Замин жакта "көмкөк" болуп да айтылат).

КӨКМӨЛ *ал.* көпкөгүш; *суw көкмөл эде.*

КӨКМӨН *чүй.* эки жашар эркек кулжа; *көкмөндү көрүп кубанып кетет экен.*

КӨКМӨРҮ *тал.* көкбөрү; *биз көкмөрүнү авадан тартавыз* (Ноокат тарапта "көкмәри" деп да айтылып калат).

КӨКӨ I *базк.* бою анча бийик өспөй, бутак чачыратып, ар түркүн гүл ачып, дарылык үчүн пайдаланылган жыттуу чөптүн аты; *көкө, көкөмаран дегендер кийик отунан башкача болот.*

КӨКӨ II: көкө кулусундун башынан *тоң.* өтө алыстан; *көкө кулусундун башынан алып келдим.*

КӨКӨWҮР *ал.* көөкөр; *көкөwүрдө кымыз бар, көнөчөктө майы бар.*

КӨКӨВАЙ *ал.* көгүш сымал; *узактан узак, көкөвай тузак* (таб. түтүн).

КӨКӨВАШЫЛ *ноок., миф.* чүкөнүн пири; *ал, жаныварым көкөвашылым, карма, сары чийкилим; утуш алып кел, тапаным* (чүкө ойнунда формула катары айтыла турган сөз).

КӨКӨЙ *пам.* ачуу, жаал; *көкөйүмдү кемирди.*

КӨКӨК *өзг.* өлгөн уйдун эмчегин кесип алып, ичин бошотуп, кум салып, катырып койгондогусу; *көкөк кылып катырып, кийин каймак куйат.*

КӨКӨМЫРАН *зам.* бою карыштай болуп өсүп, сарыл гүл алып, тамыры дары катары колдонулчу өсүмдүктүн аты; *көкөмырандын тамырын тазалап, чылап, өңү сапсары болуп чыкканда оwруган сыйырга берет*; **жалпак көкөмыран** төрт кырдуу болуп, майда

гүл алып, жагымдуу жыт чыгарып, сөңгөктүү болуп өскөн өсүмдүк; *жалпак көкамыран ийунда гөлдөйт*; **жапалак көкөмыран** жапыз; жалпагыраак болуп өсүп, ширелүү келген өсүмдүк.

КӨКӨН *зам.* 1. жалпы эле көк түстүү идиш; *көкөндүн көрүнүшү көк мончоктой* (кабыгы көк тарам келген дарбыздын түрү), *барвы?* 2. көк көз; *бу көкөнүң гөшәлә өсүп кавасын.*

КӨКӨР *тал.* төрт бурчталып жасалган кооз шуру – мончоктун бир түрү; *сыргалардын ичинде көкөр да болот.*

КӨКӨЧЕЛЕК *пам.* айланкөчөк ойну; *кана, балдар, әйләнчелек – көкөчелек ойнойлу.*

КӨКПӘР *ноок.* эзилген көк таш; *көкпәриңди төгүп алдыңбы?*

КӨКПӘРӘҢ *жжол.* көк түстүү жибек кездеме; *чыкпай калган көкпәрәң кайдан чыкты.*

КӨКПЫШАР *батк., лейл.* сөөгү бош, өңү көк бойдон эле эрте быша турган өрүктүн сорту; *көкпышардан алып келиң* (кээде "көкпышар өрүк" деп аталат).

КӨКСАМСА *төл.* жаз учурунда жаңы чыккан беде, жалбыз, ат кулак сыяктуу өсүмдүктөрдүн жаш өнүп келе жаткандарынан кууруп жасаган дамдуу тамактын аты; *көксамса жеп ашыгы әлчи түштү* (жарпы жазылуу).

КӨКСАҢКЕР *чүй.* 1. синька; *көксаңкер сата кел*; 2. *атб.* көгүш тартып чирип бараткан нерсе; *көгөрүп кетсе көксаңкер, кексеңке болуптур дейвиз* ("көкзанкир" болуп да айтылат).

КӨКСЕДЕП *батк.* узун ичке сабак алып, майда жука тоголок көк гүл чыгарып, көбүнчө тоодо өскөн өсүмдүктүн аты; *бир улакка бир түп шывак дейвиз, а көкседеп жөнүндө имне дейвиз?*

КӨКСООРУ I *тал.* көзү чекиттей кичине, өңү боз, жону менен боор жагы көгүш келген, сарала моюн, кашка баш канаттуунун аты; *көксоору кармайм деп бутун жерге тиштеткен.*

КӨКСООРУ II *батк., эск.* апкыты соор териден тигилип, такасы бийик келген, кончу – башы көк түстөгү булгаары менен ултарылган илгерки бут кийимдин бир түрү; *өтүк ултарарыга* (илгери үйлөнүү тоюнда кийит үчүн төлөнгөн акынын бир түрү, азыр бул көрүнүш жок) *бир көксоору дейт.*

КӨКСӨW *пам.* абасы суюк, бийик тоолуу жерде тамак сиңире албай калуудан бети – башы көгөрүп чыңалып, адамды жөө бастырбай, демди кыстыктырып, жөтөлтүп, тамакты кыйылдатып ооруткан дарт; *кишилердин бирәәри көксөw да болот.*

КӨКСУW *жжол., тал.* 1. ысыгы ашып ооруган адамга жалаң кайнак суу ичирүү жолу; 2. ысыктап ооруп калган адамга бир – эки ай тузсуз берилген тамак; *мен көксуw ичип журөм.*

КӨКТАЛ *жерг.* 1. көк боор; *көкталы бузулуп кеткен экен;* 2. *өтм., пам.* тил албас, тилазар; *көктал неменин көкталын үзө койсочу*; **көктал бижи** *пам.* көк боордун этин майдалап, бошогон кабыкчага ич майды туурап, анан казанга же корго көөмп бышырган тамак; *көктал бижи жейм деп нәпсиси жаман әйттә өлвөсүн* (азыр бул тамак жасалбай баратат).

КӨКТАМАН *өзг.* бакайы буурул, ак кызыл, боз күрөң жылкы; *көктаман тору таптаган, көк бөрүдөй каптаган.*

КӨКТЕКЕ *батк., лейл., зам.* тоолуу жердеги таштардын оюктарына, жыгачтын боорлорундагы чиринди тешиктерге уя салып жашаган, өңү

ак – көгүш, өзү кичине, узун тумшугун дайыма ташка жанып үн салган канаттуунун аты; *кектекедей жәй әлвәгән бала.*

КӨКТӨ *суз.* жаңгактын али сыйрыла элек кабыгын ачып салуу; *көктөлгөн муштай жаңактарды караң.*

КӨКТӨМОЖУ *ал.* 1. жаш беде сыяктанып көрпө болуп өскөн, тамыры дары катары эсептелген өсүмдүктүн аты; *көктөможу дары чөп, бүгүн ого баралвайвыз, ава толук алды* (күн тегиз калың бүркөлүп турат); 2. жаш беденин жаз чыккан кездеги адепки көгү.

КӨКТӨТҮЛ *жерг.* көк чыгартуу; *көктөтүлгөн бywдай өсөт.*

КӨКТҮК *батк.* көчөт; *көктүктү отургуздуңарвы, энди эчкемердин тилини чилдәширге дәри кылышты гәп урам.*

КӨКҮЗБЕК *ыск., эск.* кыздар көкүрөккө тагып алуучу кооздуктун аты; (азыр учурабайт); *таруу көк талкан кезде көкүзбегин жоготкон.*

КӨКҮЙ *тал.* көк кезинде чүрүшүү; *бywдайдын ичинен көкүйүп калганы да болот.*

КӨКҮЛ I *лейл.* 1. мияга окшош келип, бирок тарам – тарам ичке сабак чачкан өсүмдүктүн аты; 2. *өзг.* саамай; *каптал көкүлдөрү өсүп калды;* 3. *пам., өзг.* камчынын эки кулак ортосундагы тилим кайыштары; 4. сайманын көкүл сыяктантып сайылган түрү; 5. *жерг.* кыз – келиндер чачтарына тагуу үчүн мончоктон жасалган кооздук; *көкүл менен ит таманды алып бериң;* 6. *түп.* кепиндин жогор жагында колго кармоо үчүн ылайыкталган бөлүгү; *көкүлдөн кармап сөөктү төмөн карай түшүрөт;* **ай көкүл** *өзг.* майдалап өрүлүп, жаактан ылдый түшүрүлгөн чач; *чачывызды ай көкүл кылып өрчү элек;* **айдар көкүл** *зам.* төбөгө же желке тарапка узартылып өзүнчө коюлган чач; *ол баланын айдар көкүл чачы бар эде;* **зар көкүл** *лейл.* жаш кыздардын кулак ченинен өрүлгөн үч өрүм чачы; **көкүл бастыргыч** *ыск.* аттын көкүлүн бастырып коюу үчүн жасалган кайыш (жүгөндө болот); *жүгөндүн көкүл бастыргычын оңдо;* **көкүл той** *жерг.* жаш баланын чачын биринчи жолу алдырып, анан көкүл калтырып, бир аз кишиге той катары берилген тамак; *кыз баланын чачыны өрдүргөндө да көкүл берет.*

КӨКҮЛ II *лейл. сейр.* калпычы; *зорду зор, кичикти кичик жыгам деп, көкүл бово.*

КӨКҮЛБАЙ *зам.* мандай чач; *Мусулманкулдун көкүлбай баласы бар әде.*

КӨКҮЛДҮК *тал.* жүгөндүн кежисин артка кетирбес үчүн тагылган кайыш; *бу жүгөндүн көкүлдүгү кана?*

КӨКҮРӨКТӨ *батк.* боортоктоо; *көкүрөктөп жылып кетти.*

КӨКҮРӨКЧӨ *ыск.* 1. балдарга шырып же кабып жасалып берилген көкүрөк кийим; *көкүрөкчөсүн кийгизип койчу тиги Айтынга;* 2. *чүй.* чыптама; *көкүрөкчөңду чечип койуп иште.*

КӨКҮТКҮ *ыск.* бирөөнү көкүткөндүк; *жеңенин көкүткүсүн үгүп, дулуйуп калды.*

КӨКЧААР *ыск.* өңү көгүш темгилдүү келип, агын сууларда жашай турган балыктын түрү; *Күрмөнтүнүн суусунан көкчаарды көп эле кармадым.*

КӨКЧАПАН I *жжол.* сырткы өңү көк келген өсүмдүктүн бир түрү; *көкчапанды билгенине жер тиктевейт* (кыйынсынат).

КӨКЧАПАН II *тал. эск.* илгери Кокон хандыгынын мезгилинде

алык – салык жыйнаган адам; *ол көкчапанының дарow живерген экен* (азыр бул атоо, көрүнүш эскирип жоюлган).

КӨКЧИМЕЛ *жжол.* көк жашаң жер; *ошол базардын арты көкчимел жер.*

КӨКЧӨ I *суз., өзг.* 1. сырты калың, өңү көгүш коондун сорту; *өлдү деген Кожокмат өгүзүн минип, көкчөсүн көтөрүп келатат* (тамаша сөздөн); 2. *жерг.* көгүш жылкы; *көкчө минген ким экен?*; 3. *батк.* өңү көгүш келип, өзү чымчыктан чоңураак келген канаттуунун аты; *көкчө дүрүлдөктөн сээл кәтәрээк.*

КӨКЧӨ II *батк.* 1. күйдүргү; кол – бутка чыга турган көгүш өндүү жаранын аты; *көкчөгө илгери көк жип өткөргөн* (мындай көрүнүш эскирген); 2. бети – колдун көгүш тартып кеткени; *айылчылап жүрүп көкчө болдуңбу?*

КӨКЧЫЧКАН *жжол.* "увазир – хан" чүкө ойнунда утулган адамды карысындагы булчуңга тарамышын түйүлтө коюп жазалоо учуру; *көкчычкан кылып жазалайт.*

КӨКШУН *ноок.* көңүл; *ич көкшүнү сувады.*

КӨЛ I *нам.* жай, тынч; *көңүлүм көл болду.*

КӨЛ II *батк.* кандайдыр бир короо сыяктантып элес берген түр, оюу; *көлдү бүтүрвөсөң, кәфәрәт боло беден?*

КӨЛБААШ *пам.* Памирдеги Раң – Көл, Булуң – Көл, Кара – Көл, Муз – Көл деген өндүү көлдөрдүн баш тарабы; *бир күн – миң күн эмес, миң күн – бир кылым эмес ко, шо турган көлбаашыга бара койосуң да.*

КӨЛӘВИ *зам.* тукуму Куляб деген жерден тараган; *көләви ит шекилди.*

КӨЛБЕГИ *тторо.* жоро бозодо адамдарга бозо куюп берип турган киши; *айак сунчуну касагүл, бозо куйчуну көлбеги дейвиз* (кай бир жерде "көлбак" деп айтышат).

КӨЛБӨӨР *жжол.* календердин ана – мына салып ала турган баштыгы; *ошол авышканын көлбөөрүн көтөрүп жүргөн* (бул азыр эскирген).

КӨЛБӨШӘКӘР *өзг.* варенье сымал жасалган таттуу; *көлбөшәкәр берсей, малдын бутун сындырам* (бирдеме соем).

КӨЛДӨЛӨҢ I *лейл.* 1. килем токууда баш – аякка тартылган эриш – аркак жип; 2. *лейл. зам.* бир нерсенин туура жагы; *көлдөлөңдөн отуз киләметир*; 3. бет мандай, тарап; *ого тике көлдөлөң богон;* 4. *тал.* арабанын шатысынын жыгачы; 5. *суз.* пахта жөөгүнүн туура жагы, топурак үйүлгөн жери; *жөөктүн көлдөлөң жерин тепсеп бас*; ◊ **көлдөлөңгө гөш керек** бирөөнүн үлүшүнө экинчи бирөө орунсуз жерден ортоктошкондо айтылуучу туюнтма.

КӨЛДӨЛӨҢ II *өзг.* 1. жууркан; *коноктorго көлдөлөңдөн калыңдапсал;* 2. *алб.* жазга маалкы кардын суусу менен жибип жумшарган тулаң чөп; *көлдөлөңдө бир тойом, көбүк карда бир тойом деп уй айткан имиш*; 3. *жерг.* дасыккан, бышкан жылкы; *менин мингеним – алтымыш азуw көлдөлөң.*

КӨЛДӨЛӨҢДӨ *пам.* топтон, дүрдүктүрүп ат чабуу; *көлдөлөңдөп ат чапса, тулпардын чери жазылат.*

КӨЛДӨМӨ *жерг.* бирдей көлдөп чыккан, токтогон; *әгәткә сувду көлдөмө кылып койсо болот.*

КӨЛКӨЛӨ: өпкөлөп–көлкөлөп *тторо.* атылган кайберенди сойгондо өпкөсүнө мылтыктын оозун тийгизүү учурунда айтылчу сөз.

КӨЛКҮТ *батк.* көөлгүтө жайпатып төгүү; *суйук нерсени көлкүтүп жүгөрөт.*

КӨЛМӨ: көлмө жылан *өзг.* эки баштуу келген жергиликтүү жыландын бир түрү; *эки башы бар көлмө, көлмө жылан деген болот.*

КӨЛӨКӨСААК *чүй.* көлөкөчүл; *булардын көлөкөсаагын көр.*

КӨЛӨҢКӨ *жерг.* көлөкө; *кандай көлөңкө болуп кеткен?* (кээде "көлөгө" болуп да айтылат).

КӨЛӨП *ноок.* жиптин түйдөктөлгөн башы; *көлөп–көлөп жип.*

КӨЛӨЧӨҢ *жерг.* далыйган; *сокудан эгиз көлөчөң болот.*

КӨЛПӨК *жумг.* бош, жумшак, сыйрылып турган нерсе; *тереги көлпөк болот экен.*

КӨЛПӨР *тал.* ысып – тердеп мемирөө; *ээ, экөwүз көлпөрүшүп жатпадык, ээ?!*

КӨЛПӨШ *чүй.* бош, көбүнкү; *көчөнүн чаңы майда ундай көлпөш, көвүңкү.*

КӨЛПҮН *ноок.* көлбөрүү, көлбүү; *көшөгөнүн астында көлпүнүп жатат.*

КӨЛЦҮ *баткч.* балыкчы, суучул; *көлцү авам келди.*

КӨМ *тал.* «чабалакей» ойнунда "тайды» жүзгө жеткиргенде айтыла турган сөз; *тайды көмдүм девесе, жыдыганда күйүп кетет* (эгер "тай" жүзгө жетпей жыдыса, анда берки оюнчуга өтөт).

КӨМАШАК *базк.* көбүнчө эгиндин арасына чыга турган өңү бозгулт, оңой менен жулунбаган, бою анча бийик өспөй, майда тоголок баш алган өсүмдүктүн аты; *көмашакты жулуш кыйын.*

КӨМКӨ *атб.* нан бышыруу үчүн дандыр сымал салынган топурак печ; *көмкөгө салынган нан* (ал дандырдан айырмалуу, дандырга нан ысык топурактын бетине жабылса, көмкөдө нан көмөчтанга бышырылат, анын жасалгасы да, түрү да башкача болот. Көмкөгө бир эле мезгилде 20 – 25ке чейин көмөчтан салынат, кээде ал "көнкө" деп да аталат).

КӨМКӨК *зам.* көпкөк; *Тәкәли–Чоку май айыда көмкөк болуп жәшәрәт.*

КӨМКӨРМӨ *түшт.* кеп такыяга тагыла турган кооздук (кеп такыяга мындан башка да: бастыргыч, шамалвак, балык ооз, мончок найча, томолок күвөк деген кооздуктар тагылат).

КӨМӨЗӨ *тал.* 1. карапа идиштин аты; 2. *кочк.* чөөгүн сымал идиш; *эки көмөзө чай койдум*; 3. *батк.* ашкабактын төбө жагы жалпак, боору тоголок келген түрү; **көмөзө чапмай** жаш балдар коон – дарбыз сайышып коюп, алыстан бир нерсени ыргыта же бөлө чабууга ойногон оюн.

КӨМӨЙ *тал., сейр.* агын суунун ар кай жакка бөлүндү болуп, тарап кетчү жери; *суwдун көмөйүнө чейин баргыла.*

КӨМӨЛДҮРҮК *алк.* тебеген бээлерди саарда тизени бир аз бүгүп, шыйрак менен санга салынуучу тегерек шакекче жип; *көмөлдүрүктү бээ сааганда колдонот.*

КӨМӨРКӨЙ *жерг.* чыгаан; *көмөркөй чечен булбулум.*

КӨМӨРМӨ *пам.* эки каптыргасы чоң, арты жазы, коңулу кең ээр; *эгериңдин көтөрмөсүнү бовосо кушкасыны бер.*

КӨМӨСКӨ *тал.* көмүскө; *эңиштеп отуруп, көмөскөгө кирип кетти* (кээде "көмөсө" деп да айтылат).

КӨМӨЦ *баткч.* көмөч; *көмөц казанга камыр сал.*

КӨМӨЧ *жжол.* чакан таштын үстүнө жабыштыра коюлган кичине таш; *чаканды жерге жалпагынан койуп, үстүнө көмөч же токоч да койот*; **беш көмөч** көмөчтү атып алса, анын ордуна коюлган беш кичине

таш; **кургак көмөч** чакан таштын үстүнө сууланбай эле коюлган кичине кургак таш; **суw көмөч** чаканбеш ойнунда кендеги жалпак таштын үстүнө шилекей менен бир кичине ташты суулап коюп атуу учуру; **көмөч казан** *батк.* саптуу чоюн кашыктын элесин берген көчөттүн аты; *артып кагыр, о, артып кагыр, көмөч казанды билвейвисиң?*

КӨМПӨ *алб.* болук келген эти жүүнү бош; *шул жерден ыргый алваган көмпө беле?*

КӨМҮМСӨК *жерг.* көмүүгө ниеттенгендик; *кәртишкәни орowго көмүмсөк болдук.*

КӨМҮРҮК *жерг.* көпүрө; *көмүрүктөн өтөлү, Көк–Суwга жете баралы.*

КӨМҮСТӨН *ыск.* белгисиз; *көрбөгөн жер көмүстөн.*

КӨМТӨР *ноок.* көңтөрүү; *көмтөрүп салып кете берди.*

КӨМҮК *батк.* 1. жибек куртунун «чоң дәә» уйкудан кийинки пилла орор алдындагы учуру; *пиллә көмүккө жеп жатат*; 2. *ноок.* картошканын түптөлгөнү; *кәртишкәнин көмүгү башталды.*

КӨМҮРАРЧА *зам.* өңү карамтыл, жалбыректары түп – түп жоон, кыска келип, жерге жабышып өскөн жыгач арча, өсүмдүк; *көмүрарчанын ысы сассык окшогон болот.*

КӨМҮРКӨ *жерг.* майда – чүйдө бир нерселерди сала турган жыгач буюм; *көмүркө толгон ле абзал.*

КӨМҮРӨКӨЙ *баткч.* көмүрөкөй; *кыцкацты көмүрөкөйдөн алып бере салчы.*

КӨН *ар.* кең, ачык; *алаканын көн жайып.*

КӨНДҮК *тоң.* көндүм; *көндүк болуп келет экен.*

КӨНӨ *жжол.* торго байланган канаттуу үчүн суу куюлуп коюлуучу чуңкур; *көнөгө суу куйуп, такырга жем чачып кел.*

КӨНӨГӨЧ *жерг.* айтканга көнө берме; *көнөгөч болсоң иләгән кәштәни бүтүрүң.*

КӨНӨК I *батк.* чайнек сымал келген идиштин бир түрү (тери көнөктөн башкача болот); *көнөктөгү чәйдән куйуң.*

КӨНӨК II *чатк.* тукуму начар; *көнөк ит окшовойву итиң.*

КӨНӨКЧҮ *ноок.* көнөчөк; *көнөкчүм керктүw болсун деп көп жуванга тиктирген.*

КӨНӨРГӨ *жерг.* 1. көрөңгө; *кумурага көнөргө куйуп, кымыз ачытат* (кээде "көнөргү" деп да айтылат); 2. *зам.* сабаа; *көнөргөдө саамал жок.*

КӨНӨС *түп.* кичине көнөчөк; *жыт кылабыз деп, көнөскө бирдеме куйуп кетсе керек* (бул идиш азыр көп учурабайт).

КӨНӨЧАЙ: атаң көнөчай *тоң.* эркелете жемелеп же кейип, же кубаттай калганда айтыла турган сырдык сөз; *бо, атаң көнөчай, азыркы балдар – текенин өтү.*

КӨНӨЧӨК *кочк.* 1. уйдун эмчек терисинен ышталып жасалган идишче; *көңкөсүн бир бөлөк, көнөчөгүн бир бөлөк жазып ал;* 2. *акт.* боз үйдүн төбө жагынын ичкерген кууш жери.

КӨНҮ *суз., сейр.* эски, байыркы; *көнү дүйнөдө далайлар болгон.*

КӨНҮМСӨК *жерг.* көнүгүп үйрөнүп калган; *онун башыдан эле көнүмсөк адаты.*

КӨНЧ I *лейл.* ыштык; *көнч болуп калган.*

КӨНЧ II *акт.* колго ийленген тери; *шириден ултарган көнч чокой кийгизген экен.*

КӨНЧ III *пам.* кулактын көнчөгү; *кулактын көнчүндө же кырында болот.*

КӨНЧӨК I *батк.* 1. брошка сымал келген кооздук; *жакаңды жәржәйтпәй кумчулап көнчөгүңдү так*; 2. *жерг.* ар кыл кооздук тагылган жалтылдак топу; *көнчөк алып бервей көңүлүдөн өтө алвадым* (оюндагы жасай албадым); 3. *зам.* көйнөктүн жакасынан этегине чейин бир карыштай кооздолуп саймаланып тигилген жазылык; *алдыга көнчөк такканым;* 4. *атб.* боз үйдүн эшигинин башындагы ичкерген жери; *ай, куудай болгон арам, ошо эшиктин көнчөк жерин билвейсиңби?*

КӨНЧӨК II *кочк.* 1. көздүн алдыңкы бөлтөгү; *көзүнүн көнчөгү түшүп, жүдөө тартпасын;* 2. *жерг.* малдын кулагында, тамагында табигый түрдө кезигүүчү саландак, топчу сымал тоголок; *о, байталдын кулагыда көнчөгү бар.*

КӨҢ I *батк., лейл.* кык; *тамаркага көң төгөвүсүңөр?*

КӨҢ II *пам.* тасма; *көң менен артайыл, кувушкан тигилет*; **чарык көң** кончу териден болгон чарык.

КӨҢ III *атб.* көчүк, арт; *көң жагы менен отурду*; **кири көң** киргок; *кири–көңүвүздү жууп тазаландык.*

КӨҢГӨЙ I *өзг.* кичине казан, кумган, мискей сымал идиштин бир түрү; *көңгөй калып кеткен экен да* (кээ бир жерде "көңкөй"деп аталат)

КӨҢГӨЙ II *өзг.* 1. көңдөй; *жыгаштын көңгөйү бар*; 2. муун – муун келип узун өскөн өсүмдүктүн аты; *көңгөйдү кой жейт.*

КӨҢГӨЙЛӨ *өзг.* көңдөйлөө; *мову жыгаштын ичин көңгөйлөп кой.*

КӨҢГӨӨЛ *жумг.* шири тери, калайдан жасалган, боо тагылган, суюк тамак (бозо, кымыз ж.б.) куюла турган идиш (жол жүргөндө, мал кайтарганда жанга алып жүрөт); *ала–буйла ай ааламга жетет деген көзүң менен көңгөөлдү таба албадыңбы?*

КӨҢДЕВ *тал.* канаттуунун канатынын өңүр жагы; *көндев жагы сынган тура.*

КӨҢДӨЙ *түп.* адырлуу келип, суу чыкпаган ээн талаа; *Түптүн көңдөйүнө барып эгин эгишчу экен атамдар.*

КӨҢДҮК *тторо.* көң көп, көндүк, *күрөк ачып көрдүк* (илгери жердин карын күрөп, көлөө ж.б. өсүмдүктөрдү ачып мал тоюнтканга карай айтылган сөз экен, азыр мындай кар күрөп мал тоюнтуу жок).

КӨҢК *жжол.* иттин каңк этип үрүп токтоп калышы; *ит көңк этип, бир үрүп токтоду.*

КӨҢКАНА *тал.* 1. упураган кара топурак; *топурагы көңкана бадалдуw майсан;* 2. кык топтолуп үйүлүп коюлуучу жай; *түтөп жаткан көңкана шекилди.*

КӨҢКӨ I *лейл.* түп жагы кууш, боору жалпак, кичине мойну бар, моюндун оозун тыгын менен беките турган идиш; *көңкөгө суйук нерсе куйуп алат.*

КӨҢКӨ II *акт.* тандыр; *эшиктин алдына бир көңкө жасатып койвойсуңарбы?*

КӨҢКӨЙ *чүй.* кара кыктуу жер; *көңкөй жерге картөшкө жакшы чыгат.*

КӨҢКӨЛ *жумг.* кымыз куюла турган чорголуу идиштин аты; *балык жок жерде курбака балык болуп кетевизви, көңкөлдөгү кымыздан куй.*

КӨҢҚУ *жжол.* үркүп тозуу; *көңкүгөн мал ичинен көрүнбөдүбү?*

КӨҢҚУЛ *чүй.* жалпы, бүт, чогуу; *көрпөчөнүн көвөсү, көңкүл журттун күвөсү.*

КӨҢКҮТ *ал.* кампа; *көңкүт толо ак бywдай.*

КӨҢНӘРИ *батк.* топ таш ойнунда жогору ыргыткан ташты колду кайрып тосуп алуу учуру; *чакмак*

таштын көңнәри дегени йәм болот; кәттә көңнәри эки ташты удаасы менен өйдө ыргытып, алар жерге түшкүчө жердеги ташты терип колду кайрып тосуп алуу учуру

КӨҢӨ *өзг.* бүркүттүн тырмагынын үстүндөгү муун – муун болуп бөлүнгөнү; *көңөсү төрттөн болот.*

КӨҢӨЛ *тал.* илгери суу өткөрүү үчүн жасалган чопо труба; *жерден далай жолу көңөл көргөмбүз.*

КӨҢӨӨ *ыск.* канаттуулардын тумшугунун үстүндөгү тешикчеси; *көңөөнүн дем алуучу тешигин жаап турат;* (кээ бир бүркүттө, мисалы, "көңөөлү" сыргакта, үч түлөктөн кийин кобугу жарылып, көңөөсү келип, тили көрүнүп калат).

КӨҢӨРЧӨ *ал.* чаначтын кичирээк бир түрү; *кой бермейде* (чикит ойнунда "энесин" үч ирет кайталап чабууга берилген уруксат) *утулса, жазыгыга көңөрчө менен кымыз алдыравыз.*

КӨҢСҮ *түп.* быкшуу, жыттануу; *көңсүй берип чирип кетет.*

КӨҢТӨ *лейл.* көктөө, жамоо; *аваңдын көйнөгүнү көңтөп бер.*

КӨҢТӨЙ *жерг. кара койум жатып калды, ак койум көңтөйгө сиңип кетти* (таб. жаздын келиши, кардын эриши).

КӨҢТӨЙЛӨ *жерг.* көңдөйлөө, конул кылуу; *көңтөйлөп казып жатат.*

КӨҢТӨРМӨ I *батк.* көмкөрмө; *көңтөрмө жеп жатып, тогологум топ этти, тоголонуп жок кетти* (таб. мөндүр) *деген табышмак айтты.*

КӨҢТӨРМӨ II *жжол.* мөөнөткө карыз алынган буюм, акча; *көңтөрмөдөн кутулуп кой* (кээ бир жерде "көтөрмө" деп аталат).

КӨҢҮЛКЕЧ *жжол.* көңүлчөөк; *эрки бош көңүлкеч адам.*

КӨҢЧҮ *ноок.* тери иштеткен адам; *о көңчү ону мурдуга жыт кылып отурат* (караан тутуп отурат).

КӨӨ *өзг.* күбө курт; *гилемге кейде көө түшүп кетет.*

КӨӨВАРЧА *батк.* көңдөйчө күмүш кооздук; *көөварча, сагак шо да.*

КӨӨЗ *жжол.* күзөт; *эшик кар, күн сүүк, ол көөзгө барат.*

КӨӨК I *ноок* 1. белдик; *белге көөк тартат;* 2. *өзг.* таш таман; *ол бут кийимге көөк болбойт.*

КӨӨК II *зам.* көбүк; *оwузудан көөгү куйулат.*

КӨӨКӨР *чүй.* кулакка тагылуучу жалпак кооздуктун бир түрү; *көнчөгүнө көөкөр тагынып тегеле болсочу.*

КӨӨКҮЛ *жерг.* көкүл; *баламдын кәлләсигә көөкүл койойун.*

КӨӨЛДӨН *өзг.* каалгуу; *көөлдөнүп басып баратса, жакшы көрүнөт.*

КӨӨЛӨГӨН *өзг.* каскан; *манты бышырып койчу көөлөгөнгө.*

КӨӨЛҮК I *батк., эск.* мала тартканда аттын мойнуна кийгизиле турган нерсе; *көөлүк аттын омурowугача келет* (азыр бул учурабайт).

КӨӨЛҮК II *атб.* 1. тердеп – кургап иштөө; *көөлүгүп, буудайды бүт салып, капты оодардым;* 2. *жжол.* эзилте жанчуу; *көөлүгө тебелеп койду.*

КӨӨМӨЙ *кочк.* дит, ой, санаа; *көөмөйүндө бир тогуз утам го деген.*

КӨӨПАЙ *чүй.* 1. дөөдүр; *көөпай, билсең куватыдыр жаныңдын;* 2. *ыск.* бирөөнү эркелетип, же эркелете жемелегенде «арам» деген мааниде айтылчу сырдык сөз; *йа, ата, атасы көңдөй көөпай!*

КӨӨПАЙЛЫК *чүй.* дөөдүрлүк; *ал табышмактан жаңылганың көөпайлыгың.*

КӨӨПЕР *чүй.* камырабас; *кайсы бир көөперлер камырабай кечигип калат.*

КӨӨРГӨН *өзг.* көбүргөн өсүмдүгү; *Айна, көөргөндү майдалап тууратчы.*

КӨӨРҮК *жжол.* сыйлуу төр орун; *көөрүккө келвей калган дейт.*

КӨӨРЧӨК *акт.* келегей; *көөрчөк болуп уйуптур айраны.*

КӨӨРЧӨКТӨ *өзг.* көбүрүп – жабыруу; *бозосу көөрчөктөп кеткендей.*

КӨӨРЧҮ *пам.* уста; *көөрчү киши теке айында келген.*

КӨӨЧҮ *түп.* көмүр өчүргөн адам; *бир көөчү болгон экен.*

КӨӨШ I *пам.* дит, көңүл; *көөш койуп ук.*

КӨӨШ II: көөш–көөш *лейл.* төөнү чакыруу; *төwдү көөш–көөш деп чакырды.*

КӨӨШӨК *жжол.* 1. көпшөк; *көөшөк май тер менен кетет*; 2. эки анжы; *аравызда көөшөктөргө орун жок.*

КӨӨШҮ *жжол.* чыйрыгып келип, жылууга киргенде мемиреп кетүү; *ал көөшүп үргүлөп кетти.*

КӨПӘК I *батк., лейл.* 1. мактанчаак, дардаке; *бала мактанчаак болсо көпәк дейт;* 2. олдоксон; *көптөн бери шу бала гердейип көпәк сүйлөйт*; 3. оолукма, акылы аз; *башың көпәк турвайвысың?* 4. чабал, мажүрөө; *көпәк, тым отур.*

КӨПӨК II *өзг.* жеңил; менин жүгүм көпәк.

КӨПӘНДӘ *батк* 1. эркелей мактануу; *вактыча болсо йәм көпәңдәвә;* 2. өйдөсүнүү; *көпәңдәп кетпей тым болуң;* 3. оолугуу; *көп көпәңдәвә сынып каласыз* ("көпөндө" болуп да айтылат).

КӨПЕЙ *тал.* кеч туулган козу; *көпейге кестик ала чуркаба.*

КӨПКӨР *жжол.* маниси жок эле сүйлөнгөн нерсе; *ээ. акетай, көпкөр кепти таштайлы.*

КӨПКӨРҮҢКҮ *тал.* көпшөк; *көпкөрүңкү курсагын сылады.*

КӨПКӨРҮ *зам.* көкбөрү ойну; *көпкөрү чавылат, жур, тамашалап келевиз.*

КӨПКҮР *ыск.* ооз көптүрө сүйлөөчүлүк; *карышкырдын азуусу өткүр, калжыractын оозу көпкүр.*

КӨПМӨ I *батк.* дардаке; *көпмө бала девесин.*

КӨПМӨ II *батк.* өлүү туулган козу – улак; *ала кой көпмө тywуп тәштәди.*

КӨПӨК I ноок. көпшөк, бош; *көпөк адамды йәм көргөмүн.*

КӨПӨК II чатк. жүнү узун саксагай тайган; *Айгыр–Жалда ал тайганды көпөк дейт.*

КӨПӨЛӨК *жерг.* 1. этке турган кебер; *апкеген гөшүм көпөлөк байлаптыр;* 2. сегиз цифрасынын элесинде билерик же килемге түшүрүлгөн кооздук (кээде "көпөлөк канат" деп да аталат).

КӨПӨПАЙА *ноок., миф.* элдеги ишеним боюнча көпөлөктүн пири; *көпөлөктүн атасы – көпөпайа бога көч* (азыр бул ишеним эскирген).

КӨПӨШ I *ыск.* начар, бош, чыйрак эмес; *көпөш неме атка отура алвайт.*

КӨПӨШ II *ыск.* бир куб; *бир көпөш карагай алды.*

КӨПӨШТӨ *ыск.* отунду куб – куб кылып жыйуу; *отунду көпөштөп салган тура.*

КӨПТӘК *зам.* жемиш өсүмдүгүнүн мөмө байлабаган бутагын кесүү; *жүзүмдү көптәк кылуw ийунда баштаалат.*

КӨПТҮРГҮ *батк.* 1. камыртуруш; *көптүргүң болсо бериң* ("көптүргөн, көптүргүч" болуп да айтылат); 2. *пам.* жерди тегерек кылып, эки – үч күрөктөн топурагын алып, анан кык төгүп, анын үстүнө жыдытылган терини таштап, кайра дагы кык төгүп,

анан таш бастырып, бир нече күн койуп, терини жумшартуу жолу; *терини көптүргүдөн кийин шорлойт.*

КӨПТҮРМӨ *жерг.*1. камыртуруш; *бээ харыса – көл, сыйыр харыса – чөл, көптүрмөңдү саздап койуң*; 2. *суз.* актаган таруудан каймагы алынбаган сүткө көптүрүлүп бышырылган тамак; *көптүрмө салып живерчи.*

КӨПҮРӨ *тал.* беш таш ойнундагы он экинчи илик; *чуртлекейден кийин көпүрө.*

КӨПҮРТ *суз.* ташкындатуу; *жаан сууну бир топ көпүрттү.*

КӨПҮРҮК *жерг.* 1. көпүрө; *көлдө көпүрүк жок, жүүрканда жең жок;* (кээде "көмүрүк" деп да айтылат); 2. *бат.* чакмак таш ойнунда манчаларды жерге салаалай коюп, бир ташты жогору ыргытып, ал түшкүчө жердеги таштарды салаалардан өткөрүү учуру; *көпүрүккө кегенде бир ташты өткөзө алвадым*; ◊ **көңүл үүлап кетәлвәйм, көпүрүк үүлап өтәлвәйм** *жерг.* же ары жок, же бери жок; же көлдө эмес, же чөлдө эмес деген мааниде айтылчу туюнтма.

КӨПЧҮГӨНСҮ *жжол.* бир аз көөп шишигенсүү; *сувагай бети бүгүн көпчүгөнсүп калыптыр.*

КӨПЧҮҢКҮ *жжол.* бир аз көбүңкү тартып калгандык; *эки көзүнүн алдындагы көпчүңкү териси диртилдеп кетти.*

КӨПШӨК: илеви ширин ак көпшөк *ттор.* даамы анча ачуу болбой, койуу сүзүлүп, ичкиликтүү келген бозо; *илеви ширин ак көпшөктөн үч пийала тарттым.*

КӨПШӨЛҮҢКҮ *ыск.* көпшөгүрөөк; *бошураак келген семиз адам көпшөлүңкү болот.*

КӨПШҮТ *чүй.* 1. ачыган кымызды катуу бишкектеп аралаштырып көбүртүү; *кымысты катуу дүрүлдөтүп аралаштырып көпшүтөт*; 2. *өтм.* көкүтүү; *көпшүтүп тукурат.*

КӨРАЙДЫҢ *батк.* 1. айдын булут ичине киргендеги жарыгы; *көрайдың боп турат, жөнөй берели, жол көрүнөт.* 2. *өтм., өзг.* каза болгондук; *бечәрә кечээ көрайдың болду.*

КӨРӘ *батк.* көмүр өчүрүүчү жер; *көрәгә жел тийсе, өчүп калат*; **көмүр көрә** *эск.* илгери атайын көмүр өчүрүп оокат кылгандык; *о вакта көмүр көрә кылып жашаган эде* (азыр бул көрүнүш эскирген)

КӨРӘК *лейл., батк.* 1. пахтанын гүл ачпай калган кутучасы; **меш көрәк** чанагы такыр ачылбай калган кутуча; **ак көрәк** чанагы чала ачылган кутуча; 2. *батк.* өңү боз чаңгыл болгон, өзү ичке катуу сабак алган, боорына жыш майда тоголок бүдүр байлаган өсүмдүктүн аты; *көрәк күүрады, мева казан болду*; 3. *лейл.* чогойно.

КӨРБАЙМАТ *түп.* эси аз; *ошол арам көрбаймат эмнеге чиренет.*

КӨРГӨНСҮЗ *жжол.* түнт; *ал көргөнсүздүн кылар иши ошол экен да.*

КӨРГӨӨК *батк.* көрөөнөк; *жаш балдар көргөөк келет.*

КӨРДӨНӨЙ *пам.* карама сокур; *мойнуң үзүлгүр, көрдөнөйдү айасаң боло!*

КӨРДҮМБӨ *зам.* кол – бутка чыга турган туюк жара; *көрдүмбө тамырга чыгып айыкпаса, кол бүтүлөт.*

КӨРЕЛИК *зам.* жүнү такыр келген, өзү элик сымал болгон кайберендин бир түрү; *көреликтин жүнү кырык.*

КӨРЖАҢГАК *батк.* жаңгактын мөмөсү катуу, даамы анча эмес начар түрү; *таш менен чаксаң, кол менен көржаңгакты чагып боло веде?*

КӨРК *жум.* кооз сырт кийим; *көк шайы көйнөк дукава көркүн шашпай кийинди.*

КӨРКАНА *түшт.* сокурлар үйү; *тиги шаарда көркана бар.*

КӨРКАНАЧ *чүй.* көркоо; *ак санавай бир жанга көрканачтай күркүрөсөң анда өлгөнүң.*

КӨРКАТ *жжол.* сабатсыз; *көркат кишилер энди калбады.*

КӨРКӘЛ *өзг.* көр – жер; *эки баштыкка толтура көркәл салып алды.*

КӨРКУШ *зам.* үкү; *көркуш күндүзү көрвөйт.*

КӨРМАНА *өзг., жерг.* жаш баланы, жаңы келинди, үйдү көрүү үчүн берилген көрүндүк; *көрманага бир тоок (үндүк) арнады.*

КӨРМАРАЛА *зам.* жаңы салынган үйдү куттуктап баруу; *көрмаралап барып бир кашкар сырга берет* (сөйкөнүн балдак сымал келген бир түрү).

КӨРМАРАС *жерг.* адамдын жугуштуу оорусунун бир түрү; *көрсөтө койсом тавыпка, көрмарас деп коркутту.*

КӨРМӘГ *пам.* булгаарынын эң жакшы түрү; *пулгаарынын коруму көрмәгә эди.*

КӨРМӘР *лейл.* куйругу чолок, өзү жоон, бирок адамды чакпаган жергиликтүү жыландын бир түрү; *көрмәрдин майыны без ожруга дәри дейт* (кээде аны «көрмәр жылан» деп да аташат)

КӨРМӨ *тал.* көргөзмө; *аны көрмөгө койот белең ?*

КӨРМӨЙҮЛ *ноок.* абдан улгайган; *көрмөйүл чалдын жүрөгү жарылат.*

КӨРМӨКСӨЛ *чүй* . көрмөксөн; *көрмөксөл болуп калдым.*

КӨРМӨСӘН *пам.* кыйынсынган, өзүн – өзү көрсөткөн; *көрмәсән болсоң, тәңгәдәй жерге күн тийди дегенди тавың.*

КӨРӨ I *батк.* жыгачтарды кололоп кесип, аны тигинен атайын жайга үстүнөн думбалап жаап бекитип, анан күйгүзүп алгандагы көмүр; *илгери көрө өчүрүп, көрө саткан, энди ол жоголду* (бул атоо азыр эскирген).

КӨРӨ II *пам., жерг.* кумган сымал келген идиштин аты; *көк темир көрө түшпөйт.*

КӨРӨWҮЧ *жер., пам.* көрөгөч; *сал биздин жерде жидә йахшы хызмат кылат, ону көрөwүч адам әйдәйт.*

КӨРӨГӨЙ *жерг.* көрөнөк; *әсилдүw жер өңүдөн билинет, акылдуw адам көзүдөн билинет деп, ал туwры гәп урган кәрөгөй дә.*

КӨРӨГӨН *жерг.* көзү курч; *нәә көрөгөнсүң, шону йәм көрө койупсуң,*

КӨРӨГҮЗ *жжол.* чаканбеш ойунунун башталыш учуру; *сен көрөгүздөн өтө элексинби?* (бул кырдаал үч айга чейин ойнолот, эгерде үчтөн ашкан упай болсо "көрөңгүгө койдум" же "чачка койдум" деп койуп, кийинки сапар тайга эсептей берет).

КӨРӨГҮЧ *жжол.* көрөгөч; *көрөгүч – билегич болсоң, күн чыгыш менен күн батыштын ортосу канча күндүк жол, шону билчи ?*

КӨРӨКАНА *батк.* көмүр өчүрө турган жай (Баткендин тоо арасындагы арчалуу жерлеринде илгерки жергиликтүү кыргыздар тоонун боор жерлерине терендиги киши бойундай болгон үстү туйук, бирок башка жерден түтүн чыгуучу тешиги бар тегерек же төрт чарчы келген, алдында жел кирүүчү желдемеси бар ойук жер казышкан. Ага бир кылка кылып арча жыгачтарын кесип, тике тизип, анан от койуп, оозун бекитип салып, көмүр өчүрүшкөн. Өчүрүлгөн көмүрлөрдү бир нече төөгө жүктөшүп, базарлары бар жерге алып барып, устаканада иштегендерге натуралай эгинге,

кездемеге айырбаштап алып турушкан. Азыр бул өндүү көмүр өчүрүү кесиби жойулуп кеткен. Ал эми көрөканада өчүрүлгөн көмүрдү "мачкан көмүр" деп аташкан).

КӨРӨНӨЧӨӨК *кочк.* көрөнөк; *көрөнөчөөгүн, эмитен!*

КӨРӨҢ *тал.* ар кыл жер семирткич; *көрөң алып келип төгүп, жер оңдодук*; **көрөң-жереҥ** *чүй.* икир - чикир; *көрөң — жереңди чогултуп эмне кылмак* эле.

КӨРӨҢГҮ *жжол.* 1. чаканбеш ойунундагы нормадан ашып калган тайы; *эки тайды көрөңгүгө калтырдым*; 2. көңүлгө сактоо; *биздин беш тайывыз көрөңгүдө*; 3. *иск.* ачкыл ачытуу үчүн калтырылган бир аз ачкыл.

КӨРӨҢДӨН *өзг.* чаң басуу; *дан сапырып көрөңдөндү.*

КӨРӨӨГӨ *ал.* адамдын ички оюн билип, кумарын кандырып, ыраазы кылып турган киши; *көрөөгөм, кантип тынч алам* (аялдардын речинде жолугат).

КӨРӨӨК *батк.* көрөнөк; *көрөөк кишилер алыстан туруп эле көп нерсеңи билип алаттар.*

КӨРӨӨЛӨ *жерг.* көрүп байкоо, сыноо; *кыз көрөөлөп кетиптир.*

КӨРӨӨҢӨЧ *батк.* көрөгөч; *көзү курч көрөөңөч болот.*

КӨРӨСӨМ *суз.* көрөсөн; *көрөсөм жигит көк жалым.*

КӨРӨЧӨК *тал.* келечекте көрө турган күн, өмүр; *эрегишти унутуп көрөчөгүвүздү ойлойлу.*

КӨРПААША *жерг.* тумшугу узун, адамды, айбанды чагып, канын соро турган чиркейдин бир түрү (бул күндүз да, түндө да чагат); *көрпааша барлыгын чагат да.*

КӨРПЕНДЕ *түшт.* 1. сокур; *сапсарыдан сапсары коропону көрвөйт көрпенде*; 2. наадан; *коро малын семиртем дейт көрпенде.*

КӨРПӨ *жерг.* 1. ичик; *көрпө кийвесем, үшүп кетем*; 2. *зам., жерг., пам.* жууркан; *көрпөңө карап айак узат* (жылкыңа карап ышкыр); **көрпө сүүрмай** *ал.* күйөөлөгөн кызга барганда баланын жакын женеси же эжеси жыйылып турган төшөктөн бирөөнү өзүнө сууруп алып, анан ордуна пул коюу жөрөлгөсү; *көрпө сүүрмай деген болот* (азыр бул көрүнүш мүнөздүү эмес).

КӨРПӨЛДӨШ *тал., сейр.* кенже козу; *көрпөлдөштү сойсом болвойтко* (кээ бир жерде "көрпөлдөч" болуп да айтылат).

КӨРПӨЧӨ *лейл.* 1. жатканда, отурганда алдыга сала турган узун ичке төшөкчө; *аваңдын тәгигә көрпөчө салып кой*; 2. көпчүк.

КӨРСӨМ *батк.* туюк жара; *ысырыкты сирке менен малхам кылып тартса, көрсөмдү жарат.*

КӨРТАМ *тал.* терезесиз эски үй; *көртамда отуруп, баатыр авам Акжолтой аттанып чыкса сан колдой деп сүйлөп жатат* (мындай жайларда кээде тамеки кургатылып сакталат).

КӨРТАШ *батк.* 1. кум, чопо, цемент, таш аралашып, уюган уюмалар; *Сок дәрийәсинин жээги Секиртмеден Кожешкенгече көрташ*; 2. *жжол.* жерге чөгүп эзелтен бери жаткан таш; *ордунан жылваган көрташ.*

КӨРТУЗАК *жерг.* чуңкур казып, айланасына таш тизип, коңул калтырып, коңулга суур, сагызган же эт коюп, үстүнө таяк орнотуп, учуна тузак байланган нерсе; *көртузакка илвээсин мойнудан түшөт.*

КӨРТОП *батк.* чакмак ташта жердегилерин үн чыгарбай тобу менен жыйып, учкан ташын тосуп алуу; *коworусаң да алчуwун, кәртовун авай койвойт.*

КӨРҮW *жерг.* сокур; *сары айгыр*

– *куштун сакоwу, чәндүлөч – куштун көрүwү.*

КӨРҮWЧҮЛ *батк.* тез көргүч; *кәрүwчүл киши дүрвүсүз эле алыстағыны көрөт.*

КӨРҮКӨ *батк.* сынга түшкөндүк; күндө сындан өткөндүк; *көрүкө түшө тургансып өзүңдү оңдоп эле калдың.*

КӨРҮМСӨК *жерг.* көрүүгө ниеттенгендик; *баласыны көрүмсөк болуп барсак, үйлөрүдө жок экендер.*

КӨРҮМСҮЗ *пам.* 1. серт; *көрүмсүзгө көк инек үстөк;* 2. урмат – сыйыты жок, даңазасы жок; *көрүмсүз жерден качыптырлар.*

КӨРҮМЧҮ *тал.* 1. көзгө элес – булас көрүнө калган; *көрүмчү келе жаткансыйт;* 2. *суз.* көрүп, байкап тургуч; *түр–түр–түр гилем, түрө алвадым бир гилем: сал–сал–сал гилем, сала алвадым бир гилем* (таб. асман, жер), *көрүмчү болсоң, билип көр.*

КӨРҮШМӨК *ал.* нике тоюнда күйөө – кызды бири – бирине күзгүдөн көрүштүрүп, анан өбүштүргөндүк; *көрүшмөк деп жүрүп кулагы тәгидә калды (каза болду).*

КӨРҮШҮW *өзг.* жаштар кыркалакей аралаш отуруп, бирөө өрүлгөн жоолукту колго алып, жерди сылай ырдап өтүп, анан көңүлү түшкөн бирөөгө сунуп, аны менен аркалашып, көрүшүп ойногон оюн; *жаш кезимде көрүшүw ойун болчу эде.*

КӨРЧӨГӨ *түнд.* ат жабдыктарына, өтүккө чөгөрүлгөн майда тегерек күмүш, жез кооздук; *куйушкан, көмөлдүрүгүнө көрчөгө түшүргөн тура.*

КӨРЧӨГӨЛӨ *түнд.* «көрчөгө» бастыруу; *жер–суу көвөөрүп жатканда, сен жүгөнүңдү көрчөгөлөп отурупсуң.*

КӨРЧЫМЧЫК *батк.* короолу; *көрчымчыктан кичик чымчык жок босо керек.*

КӨРШАПАЛАК *батк.* түн ичинде гана учуп, күндүзү көрбөгөн, өзү кыргый сымал, көзү кичине канаттуунун аты; *көршапалак дегенибиз пом, байуwлу, үкүдөн башка болот;* ◊ **көршапалакка окшоп** *зам.* ары – бери бир тийип натыйжасыз иш кылган, жеңил жүргөн деген мааниде айтылчу туюнтма.

КӨСӘР *өзг.* обу жок; *ол көсәр болуп чоңойвосун.*

КӨСӨ *түп.* 1. алжыган; *мына көсө, эмкиси кандайча баш кошот;* 2. *ноок.* жалкоо; *ол көсө иштеведи.*

КӨСӨW *зам., жерг.* көсөө; *көсөw, көсөwдүн учу бешөw, бешөwдүн учу калтырак, калтырактын башы жалтырак* (таб. кол, салаа, тырмак); **аташ көсөw** *тал.* от кычкач; *аташ кесөw алып келсең, коонгак берем;* **кесөwүндөн көгөрвө** *батк.* бала көрбө (каргаганда айтылат).

КӨСӨГӨ *өзг.* оозу кууш, түп жагы чоң, 8 – 10 л. суу бата тургандай жез идиш; *кесөгө дегенивиз – идиштин аты.*

КӨСӨЙ *ал.* такасыз бут кийим; *көсөйүн кийип, көсөwүн алып.*

КӨСӨЛ *ноок.* көзөмөл; *өзү көсөлгө алды.*

КӨТӘК: көтәк арава *батк.* жалгыз ат чегиле турган эки дөңгөлөктүү бийик чоң араба; *чечендер тилиңди катка салат әә, көтәк араваңды жолго тарт.*

КӨТӨЙ I *батк.* 1. кара күчкө зор, орто албеттүү, толо, бирок аң – сезими, илгирлиги азыраак киши; *ол көтөй көрөйүп козголводу;* 2. *ноок.* олчогой; *о көтөй жүдә чың болуптур.*

КӨТӨЙ II *батк.* иш кылбай жалкоолонуу; *уйалып жүр, көтөйүп, уйалвасаң уйат.*

КӨТӨЙҮ *зам.* чыйкан; *коwун газанек богон кезде көтөйү чыккан.*

КӨТӨР *ноок.* 1. көчүрүү; *ол*

жазганыңды маңа көтөрүп берчи; 2. *суз.* тазалап алуу, жыйноо; *кырман көтөргөндө, үлүш берет* (азыр бул көрүнүш эскирген).

КӨТӨРГҮЧ *тал.* 1. өрмөк соккондо аны астына коюла турган нерсе; *көтөргүчтү өрмөктө колдонот*; 2. *жжол.* суу бакан; *көтөргүч. жыгач тавак деген дагы эле бар*; **бел көтөргүч** *түп.* арабага ат чеккенде анын жан жыгачын өйдө көтөрүп аттын жонуна коюучу бел кайыш; *бел көтөргүчтү өйдө тарт.*

КӨТӨРМӨ *жерг.* көтөрүм; *көтөрмө жаныбар жок энди*; 2. *батк., акт., жерг.* тоонун боорунан суу алып өтүү үчүн зоонун боорына, жылга жерине казык кагылып, чырпык ташөлүп, талтерек коюлуп, кум – шагыл ширетилип тегизделген жери; *көтөрмө арыктан суу келди*; 3. *зам.* бийиктеп салынган көпүрө; *атасы – көтөрмө, энеси – жорго, баласы – ырчы, кызы – ойунчу* (таб. көпүрө, суу, курбака, балык). 4. *ноок.* кандайдыр бир жыйылыш өткөрүү үчүн белгиленген жер; *бүгүн көтөрмөгө барып шайлайбыз*; 5. *кочк.* узакка чабылган ат маарага аз эле жетпей туруп жүрө албай калса, аны сүрөп, түртүп, жетелеп, маарага жеткирүү жолу.

КӨТӨРМӨК *атб.* бирден чүкө же сака, таш атып тийгизип, аны ошол чүкө учкан жерге чейин көтөрүп ойногон оюн; *көтөрмөктө экиден, андан көп да бала ойнойт* (кай бир жерде "көтөрмөй" деп аталат, бул оюн ойнолуудан калып бара жатат).

КӨТӨРӨ *зам.* 1. жалпы, туташ; *тазза ле шону көтөрө эсиветтеп калыпсыңар*; 2. *жерг.* дүң; *көтөрсүгө бир сомдон*; көтөрө туурдугу чогу эле туюк жасалгандагысы; *көтөрө туурдук болот экен ээ, акетай*!

КӨТӨРҮМ *лейл.* эң оор, өтө салмактуу; *таңгагыңар бир көтөрүм экен, үч кишинин алы келвейт.*

КӨЦӨ *батк.* көчө; *көцөдө ким жүрөт?*; ◊ *көцөгө казан аскан;* меймандос, сыйкор, жайыл дасторкон деген маанидеги туюнтма.

КӨЧ *жерг.* 1. соко айдаганда аңтарылган бороз; *көчтү түз апар. арасыда жер кавасын;* 2. *жерг.* «супарга» чегилген өгүз изинен чыгып кеткенде айтылчу сырдык сөз; *көч кел! – деп бакыр*; **көч – көч** *пам., өзг., эск.* 1. топ балдардын ичинен бирөөнү «эне» кылып дайындап, калгандары бири – биринин этегин кармап, анан көчтү туурап, «көч – көч» деп жөнөп бара жатканда, жолдон бирөө «бөөрү» болуп тийип ойногон эски оюн; *көч – көч ойногондо көчүп бараткандай болот*; 2. *чүй.* тогуздан он сегиз уяны эки катар оюп, ортосуна дагы «казан» уя салып, анан ар ким биринчи «казандан» он жетинчи «казанга» чейин тогуздан ташты бөлүп таратып көчүп, акырында кимисиники көбөйсө ошонусу утуп ойногон оюндун аты; *көч – көч – кыргыздардын эски ойундарынан*; 3. кызгылт күрөң, чаар ала түсү бар, кичине тоголок келген, жерде жөргөлөп, кээде бир аз жерге уча турган жандыктын аты; *көч – көч кывырап жүрө берет;* **көч кой** *тал., эск.* илгери көч өтүп бара жатканда жолдон келиндер бир койду кармап калып, оюн куруп, шаан – шөкөт өткөрүп, тамак уюштуруусу; *тиги койчудан көч кой кармашыптыр*; **көч көмөч** *жерг.* өрүлүктөп келген кишилерге үйдүн ээси тарабынан көрсөтүлүүчү сый; *өрүw өрчүлүгүн бервесе, көч көмөчүн бервейт*; **көч токоч** *жерг.* бир жакка көчөрдө (жайлоого, кыштоого), коңшу – колоңдорго тамак берүү салты (эгер алыска көчө турган болсо, анда ажыраш аяк жасалат); *көч токоч*

берди; **көч кулач** *кочк.* сапырылта, эч кандай нерсе калтырбай, түбү – орду менен кубалап жибергендик; *айланадагы көөдөй түндү көч кулач кууйт;* **козу көч** *ыск.* өтө алыска узабаган көч (алыска кетсе жөн эле "көч" деп аталган); **көч башта** *пам.* ордодо оюн баштоо; **башкы көчү болгон** мурун турмушка чыккан.

КӨЧБЕЛИ *чүй.* тогуз кумалак ойнундагы экинчи чөйчөкчөнүн аты; *көчбелине өтүп калды* .

КӨЧКҮ *чүй.* аяккы; *көчкү айылда майда балдар көп*; **жер көчкү** *ыск.* тоонун жылып көчүп кеткен бети же жарылып жарга айланган аянт; *жер көчкүгө туш келтирвесин, бүтүн эле сүрүп таштайт.*

КӨЧКҮН *алб.* көчмөн; *илгери кыргыздар көчкүн калк болгон.*

КӨЧМӨН *ал.* кыдыртма; *чоң кара көчмөн айакка куйду.*

КӨЧМӨНЧҮ *зам.* ары – бери көчүп жүрө берген; *ол алайчылар көчмөнчү болот эде.*

КӨЧӨ I *пам.* 1. жашынмак ойнунда чуркап келип токтоочу жер; 2. эки катар болуп кыркалакей тизилип, ортосунан ачык калтырылган аянт; *ат чавылып көчө болдук*; **көчө–көчө** *жерг.* бир көчөнүн кыздары чен идишке бирдей өлчөмдө буудай алып келип, жанчып, тазалап, көптүрүп, эртеси көжө жасап, анан башка көчөнүн кыздарын мейманга чакырып, оюн – шоок кылып сыйлашуу жөрөлгөсү; *көчө–көчө кыганда көп кыздар чогулат*; **көчөдөн өтүw** *пам.* байгеге чабыла турган аттарды эл эки жак болуп бөлүнүп, ортодон өткөрүп сыноо; **көчө чаңытар** *түшт.* бекерчи; *әлиги көчө чаңытар кайда жүрөт?;* **төрт көчө** *жерг.* бир нече көчөнүн кошулган жери; *төрт көчөгө барып мәшинәгә түш.*

КӨЧӨ II *зам.* 1. көжө; *бизде көчө жасайт*; 2. кандайдыр бир майда нерселердин үймөлөктөшүп калышы; *жолдо көчө кайнайт* (таб. кумурска); **көчө аш** *өзг.* 3. жалпы эле арпа, буудай, жүгөрүдөн жасалган көжө тамак; *мени жакшы баксаң көчө аш берем дээр экен*; 4. *ош.* жүгөрүнүн данын сокуга жанчып, сууга сүт кошуп бышырган суюк аш; *чакырып алып көчө аш берди*; **ачытма көчө** *батк.* максым; *айылдагылар ачытма көчө жасашат;* **көчө атала** *жерг.* жыл көжө; *көчө аталаны норвузда новат кылып ичишет* (азыр бул көрүнүш эскирген); **көчө кайнатар батк** чала билген, чала түшүндүргөн адам.

КӨЧӨ III: жууркан–көчө *ыск.* жууркан – төшөк; *жууркан–көчөнүн жыты жыттанат* (жууркан – көчө, кийиз – кече болуп да айтылат).

КӨЧӨБААШЫ *жерг.* бир – эки көчөнү башкарган адам; *көчөбаашы сүwдүн айагыга кетти.*

КӨЧӨВАЙ *чүй.* дайыма көч өтө турган, көч жүрө турган жол, жер; *бизде көчөвай деп көч жүргөн жерди айтат.*

КӨЧӨК *жерг.* бир гана жерден суусу кайнап атырылып чыккан булак; *Калча–Көчөктүн үстү секи, одон бери көчөк бар.*

КӨЧӨКАН *ош.* көчөдө жүрүп оокат кылган; *көчөкан болуп калганга теңеди.*

КӨЧӨЛӨ I *жерг.* көчө кыдыруу; *кечкече көчөлөп жүрдү.*

КӨЧӨЛӨ II *жжол.* эскиче жаңы жылды куттуктап үй – үйдү кыдыруу; *көчөлөп барганда көчөдөн ийдишке куйуп да келет* (азыр бул көрүнүш жоюлган).

КӨЧӨЛӨМ *жерг.* көчөнүн ичи; *көчөлөм саар болгондо.*

КӨЧӨМӨЛ *ал.* 1. көчмөн; *ого көчөмөл эл кеген экен*; 2. *алк.* оттоок; *атты көккө койсом бир пәстә курсагы гампайа түштү, көчөмөл дә жәнивәр.*

КӨЧӨӨК *лейл.* көчөнөк, көчөгөн; *бу элдин ата–бабасы көчөөк богон.*

КӨЧӨПАЙЫ *батк.* көчө басар, көчө таптар; *күнүнү көчөдө өткөргөн көчөпайы аталва.*

КӨЧӨР *пам.* иттин үргөнүн, жылкынын кишинегенин, баланын ыйлаганын ...ж.б. үндөрдү туурап, үнүн дайыма кубултуп турган өңү боз, кичинекей канаттуунун аты; *биз көчөр кармадык.*

КӨЧӨТ *ноок. өтм.* жаш кыздарды эркелетүүдө колдонулчу сөз; *ий, көчөт ий, киши болорсуң*; **айкөчөт** *лейл.* эни 30 – 35см. келген, эриши алтымыш жиптен токулган, «тор көчөт, гәлдир» деп аталган таар, паластан кийинки орунда турган, көчөттөрү татаал келген буюм; *Айшага келген ай көчөт, алдыңа качан төшөлөт?;* 2. *лейл., батк., жерг.* чолпуга толуп турган ай сымал өндүү түшүрүлгөн кооздуктун аты; *толгон ай көчөттү күн болгондо (жылуу кезде) түшүрөйүн*; **алма көчөт** *ичк.* алма жыгачынын элесин берген көчөт; *алма көчөт онову болот*; **анар көчөт** *лейл.* анар багынын элесин берген көчөт; **андаза көчөт** ар кыл оймо – чийме түшүрүлгөн кооздук; **баштык көчөт** *батк.* баштыктын элөсин берген көчөттүн түрү; **жүл көчөт** *жерг.* жүнү «кырык», такыр салына турган ар кыл килем көчөтүнүн жалпы аты; *жалгыз үйдүн ашы эрмек девей, жүл көчөттү бол*; **жылдыз көчөт** *ал.* жылдыздын элесин берген көчөттүн бир түрү; *жылдыз көчөт балгар–көчөт, пашайы көчөт деп койовуз* ("жылдыс көчөт» түрүндө сайылат); **кара калпак көчөт** *батк., лейл.* тигинен узунураак, туурасынан кыскараак келген төрт жактуу, ар бир жагынын башында тогологураак, ич жагы үч тиш, ачалуу оюм (анын бир нече варианттары бар); **кара көчөт** *жжол.* түп орду менен көчүрүлгөн жемиш жыгачы; **килем көчөт** *акт., атб.* килем көчөттөрүнүн тордомо чийге, кийизге көчүрүлгөн оюмдарынын жалпы аты; *килем көчөт бүткөндө*; **кой шывак көчөт** *пам.* шыбак өсүмдүгүнүн элесин берген оюм; **кош көчөт** бирдей салынган окшош эки оюм, *кош көчөт салам*; **үч көчөт** килемге бир түрдө түшүрүлгөн көчөттүн жалпы аты жана ошондой көчөтү бар килем; **көчөттүн тэги** *батк.* килемдин түр түшүрүлбөй калбай жери.

КӨЧҮК *лейл. эск.* балдар көз таңып, түртүшүп ойногон оюндун аты (бул оюн-азыр ойнолбойт); **ак көчүк** *батк.* 1. элик; *кечээ күнү ак көчүк атып кеген экен;* 2. *тал., жжол., сейр.* чакчыгай; *оова, ак көчүк учат;* 3. *зам.* илгери колдонулган, бир жак чети ак келген акчанын түрү; *ак көчүк деген пул энди жок*; көчүк басар *ттороо. эск.* илгери кудагый жүк көрүп чыкканда өзү каалаган жууркандан бирди алуу салты; *көчүк басарга бир жууркан алды* (азыр бул көрүнүш жоюлган); **көкүрөк көчүк** *ыск., эск.* бирөөнүн көөдөн, көкүрөгүнө отуруп ыкып жазалагандык; *көкүрөк көчүк болчу эле дейт* (азыр бул жазалоо жоюлган).

КӨЧҮМСӨК *жерг.* көчүүгө камынгандык; *олор бийил көчүмсөк болуп–турлар.*

КӨЧҮРМӨ *жерг.* 1. бир жерден экинчи бир жерге көчүрүп жибергендик; *эллик биринчи жылы көчүрмөдө кеткен;* 2. *зам. эск.* илгери ооруну дарымдаганда бир куурчак жасап алып, ошого карай ырым жасагандык (азыр бул көрүнүш жоюлган).

КӨЧҮРМӨЧҮ *акт.* көчөт, сайма, оюмдун даяр үлгүлөрүнө салып иш

кылган уз, уста; *ан үстүнө моминтип көчүрмөчү.*

КӨЧҮРТКҮ *жерг., эск.* илгери адам «чилиясын» менен ооруганда мал союлуп, эти желип, анан сөөктөрүн ооруган кишинин жанына чогултуп коюп, эм салуусу; үчүнчү күнү көчүрткү салат (азыр бул көрүнүш жоюлган).

КӨЧҮРҮК *жерг.* 1. көчүп жайылып, тарап кеткендик; *учунун узундугу Омордун тегерегидей, соргоктугу Омордун челегидей дегендей болуп, көчүрүк бовосун*; 2. уу – уу; *учурук–көчүрүк кылып жүгөрөт.*

КӨЧҮРЧӨК *тал.* дөңгөлөктүн капкагы; *көчүрчөгүн зиңгир ата колдойт* ("Зиңгир ата" деген сөз техниканын "пири" деген мааниде айтылат экен, бирок ал туюнтма азыр өтө сейрек учурайт).

КӨШӘНДЭ *пам.* мээнеттүү; *өзү көшәндә болсо йәм коматыны жакшы алып жүрөт.*

КӨШӘНДӘХОР *пам.* мээнетчил; эмгекчил; *ол көшәндәхор да .*

КӨШКӨЙ *жжол.* доюр, көк; *ал бир көшкөй чыкты.*

КӨШНАН *пам.* ичине эт тууралып майдаланылып бышырылган нан; *көшнанды тандырга, казанга бышырат.*

КӨШӨГӨБОW *батк.* нике тоюнда күйөөгө сарпайы кийгизгенден кийин; «качууга» аракет кылган болот, ошондо жеңелери кармап алып, келиндин жоолугу менен таңып койгондо аларга белек – бечкек берип бошонуу жөрөлгөсү (бул көрүнүш азыр эскирген).

КӨШӨЙ *жжол.* көгөрүп тултуюу; *көшөйүп эле унчукпайт.*

КӨШӨК I *жерг.* 1. буурчактын сагагы; *көшөктөн үзүп же*; 2. өсүмдүктүн тамыры менен сабагынын ортосундагы жоонураак келген агыш жери; *миңгәктин көшөгү бар.*

КӨШӨК II: **көмүр–көшөк** *пам.* өчүрүлгөн көмүр; *кышында көмүр көшөк кылып овкат кыгандар.*

КӨШӨКӨР *ыск.* доюр, көк; *ал көшөкөр, айтканынан кайтпайт.*

КӨШӨКӨРДҮК *ыск.* доюрдук; *көшөкөрдүк кылганыңда эмне болот эле, тим койсоңчу.*

КӨШҮ *батк.* копшоо; *көшүүр менен пәйчекинин бугучуну көшүйт.*

КӨШҮГҮЧ *лейл.* бут кийим бутту кысканда аны жумшартып кеңейте турган таякча буюм; *көшүргүчүнү таппай көңүлү бир тегиз боводу* (жай, тынч болбоду).

КӨШҮН *тал.* улгайган киши; *кишимиш берсең токтойву деп сурады ал көшүн.*

КӨШҮҮР *батк.* чокойдун шыйракка байланган жерин копшой турган учу жалпак нерсе; *көшүүр менен бошотуп, пәйчекини чечет.*

КУ: ку–ку *ыск.* чымчыктарды кубалап айдоодо, качырууда айтыла турган сырдык сөз; *ку–ку деп таш менен ургула.*

КУW I *баткч.* 1. куурап калган шак, бутак; *өрүккө цыгып куw сындырып туш*; 2. как нерсе; *курутту көргөндө куw кәлләдән суw агат.*

КУW II *пам.* кубалоо; *әдәмди кuwуйт, итти кuwуйт*; ◊ **түлкүнүн өзүнү көрүп туруп, изини неге кuwайын?** *пам.* бир нерсенин жайы, оңуту биякта турса, анын орду жок жагына түшүп әмне кылам деген мааниде айтылчу туюнтма.

КУWГУЛАК *пам.* ушакчы; *тай торпокту издейт экен ол кuwгулак.*

КУWГУЧ *пам.* куугунтук жүргүзгөн; *о кuwгучтун бир куw атар* (илгерки мылтыктын бир түрү) *тез атары болгон экен.*

КУWКУШ *батк.* узун кулак; *оо кuwкуштун күйгөнүдөн күлдүw бәләә чыгат.*

КУWКУШТУК *батк.* узун кулактык; *әә, бу үйдө отура әвәйм. куw куштук кыла верем дейт.*

КУWКЫРААН *тал.* бүркүттүн чөл жерде жашай турган, алгыр келген бир түрү; *куwкыраандын балапанын багып алган экен.*

КУWЛАШМАЙ *батк.* кенге тигилген чүкөнү кыйрынан атып ойногон оюндун бир түрү; *базар барат Сарывай, жатып алат жарым ай дегендей күнү кече куwлашмай ойнойт веде?*

КУWМАЙ *жерг.* кыздардын чачты ичке – ичке майда кылып өрүп аркага таштап койгондогусу; *онаву кыз чәчини куwмай кылып өрүптүр.*

КУWМОЮН *өзг.* туяксыз; *бузуктун баашы бурма чач деген* куwмойун *адам эде, ада болду.*

КУWРАЙБААШ *ал.* жоон өзөк алып, таптуу келип, мал жей турган өсүмдүктүн аты; *тешик кулак эшитет, кантип ле күwрайбаашты укпадың экен.*

КУWРУW *жерг.* унду казанга кызытып, анан суу куюп бышырган атала; *шишектин майына куwруw атала кыл.*

КУWСАК *тал.* куусан; *жеринин суwу аз, жери куwсак.*

КУWСАКАЛ *жерг.* шум, көзү ачык, тири укмуш; *куwсакал тез түшүнөт.*

КУWУК *лейл., зам.* куулук; *кулжанын куwугу түшөт деп, түлкү ачка өлүптүр.*

КУWУЛГА *ноок., эск.* илгери кийип жүрүүчү кийимдин аты; *куwулга кимге жарашат, кыз баласы курусун, өз элиден адашат* (азыр андай кийим жок).

КУWУР I *батк.* 1. кумдуу жерде кумдан оюкча сыяктуу жай жасап, анан ага түшкөн майда курт – кумурскаларды тартып алып кумга кирип кете турган, тумшугунун учунда эки узун кыпчууру бар, баш жагы ичке, майда буттуу жандыктын аты; *куwурду путуңа сүртсөң жүгүрүк болосуң дейт*; 2. ошол жандык кумдан жасаган оюкча жай; *оо, Сох дәрийәсинин жээгидеги кумда куwур жасаган куwурду көрсөтөм.*

КУWУР II *батк.* адамдын башындагы уюл; *менин башымда экитә куwурум бар.*

КУWУР III *батк.* суунун айланасындагы ийрим; *суwга түшкөн телпегимди куwур тартып кетти.*

КУWУР IV *жерг.* куур; *куwур постун ичиде тулдай бово, түйүнчөккө түйүлгөн пулдай бово.*

КУWУР V *лейл.* 1. илгери суу өткөрүү үчүн пайдаланылган труба; *шонун нары жагыда эски куwур бар* (мындай "куурлар" Лейлек, Ноокат ж.б. жерлерде учурайт); 2. *тал.* суу тозулган "нооттун" көзүнө коюлган кийиз; *куwурун суwруп алып, ноwоттоgу суw менен сугарган*; *сапал куwур* чоподон жасалган куур; сапал куwур бар эде.

КУWУР VI *жерг.* өңүр, тарап; *адырдын бир жаак куwуру күйүптүр.*

КУWУРГУЧ I *жерг.* куугунчу; *салды шундай пайдаланавыз дейт ол куwургучка.*

КУWУРГУЧ II *батк.* 1. үбөлүк сымал буюм; *куwургучуну сурап келиң*; ("куwургуч" болуп да айтылат); 2. *пам.* депкир; *капкача ол бир куwургуч, мен бир куwургуч жасадык.*

КУWУРМА *жерг.* 1. куурдак; *куwурма жасай сал*; 2. казанга ун салып, кызарта кууруп, анан суу куюп кайнатып, «док» же сүт кошуп бышырып ичкен тамак ("куурма чайга" окшош келет); **куwурма атала** *жерг.* куурма чай; *куwурма атала, тарыг атала, май атала болот*: **суw**

кувурма куурулбай туруп эле эти майда тууралып бышырылган тамак; *суw кувурма йәм жегембиз.*

КУWУРМАЧ I *пам.* 1. бадырак; *кувурмач, жайваш, жалчыман, тархавла деген тамак болот*; 2. *лейл.* куурдак; *гөштөн кувурмач кылды эде, уруп жедик;* **тешик кувурмач** *эск.* буудайдын даны дүмбүл болгон кезде куурулганы (буудайдын кылканын жалынга куйкалап, анан данын ушалап алып кууруйт. Ал анан тешик – тешик болуп куурулат. Азыр бул көрүнүш эскирген).

КУWУРМАЧ II *батк.* ак гүл ача турган өсүмдүктүн аты; *уй тувдугочо, угузуну ашка куйуп ичип, кувурмачка баравыз.*

КУWУРЧАК *лейл.* капкандын эки жаагын бири – бирине бекитип турган тетик; *капка жакын калганда депсеп кетип, кувурчагы аз сынбаптыр.*

КУWУЧ *зам.* ууч; *мәкәйидән бир кувуч берчи.*

КУWУШ I *лейл.* оюндун кубалашып ойногон бир түрү; *кувуш ойногондо чакып кетип, изәдә кылып койду да.*

КУWУШ II *өзг.* кууш; *бели кувуш тигилген.*

КУВА *батк.* идиштин аты; *кувага өлчөп сүт бер.*

КУВААРЫ: **куваары зәни** *ноок., сейр.*, теги, түбү, ата – баба; *куваары зәниңди көрсөтөвү?*

КУВАГЫШ *чүй.* иттин алгыр түрү; *бистин ит кувагыш, алардын ити кумайык.*

КУВАЙЫҢКЫ *ал.* кубарыңкы; *кувайыңкы жигит деп койот.*

КУВАК *жерг.* балдардын бети – колуна же малдын жаш төлүнө түшө турган чакалайдын тегерек тарткан бир түрү; *колуга кувак түшүптүр.*

КУВАКТА *ыск.* кыландап элес – булас көрүнүү; *бөксөдө бөрү кувактайт.*

КУВАКУП *жжол.* эң жакшы; *мурдагыдай эле сүйөм десе го кувакуп.*

КУВАЛ *зам.* барскандын 5 – 10 кг. келген салмактуу түрү; *балка менен кувал эки башка.*

КУВАЛА *тторо.* тоголок кесек; *шул вакта кувала жасайт.*

КУВАЛАҢ *батк.* 1. бир аз куурай түшкөн жыгач; *товто барып кувалаң отун алып келди*; 2. *карс.* бетке түшө турган чакалай; *кувалаңдын ортосу какач тегерек келет.*

КУВАЛАШМА *жжол.* атка минип алып бири – бирин кууп кармашып ойногон оюндун аты; *ат жарыша миневиз, биз кувалашма ойнойвуз.*

КУВАН: куван карга *жжол.* карганын бир түрү; *куван карга дегенде куван карга, куваласам комбойт экен дувалдарга;* **куван сары** *чүй, сейр.* чиркей; *авадан аң салат куван сары, кудук казып кургак жерден суу алат* (кубан сары таб. чиркей).

КУВАҢКЫРА *ыск.* сурданып, ачуусу келип, кубарып туруу; *ал эмнеге келвейт деп, куваңкырап туруптур.*

КУВАР *суз.* сабаа; *кәлит, кулп, куварды саарда көрсөтөм.*

КУВАРЛА *чүй.* кубалоо; сураштырып издөө; *эки жаштагы токтуну куварлап жүрөт.*

КУВАРМЫЧЫК *пам.* кырмычык; *койдун сүтүдөн болгон кувармычык.*

КУВАРСАН *тоң.* курбал, курдаш, тең; *камбайынчы баланын энеси мени менен куварсан.*

КУВАТ *жерг.* жалынуу, эркелетүү, кадырлоо маанисинде колдонула турган сырдык сөз; *ата, кувat, олор мергенчини не кылыптыр?*

КУВАТАЙЫМ *жерг.* кубатым; *бул менин куватайым болот.*

КУВШАҢ *пам.* куюшкан; *эшекке кувшаң тартпа* (кээде "кувушкан" болуп да айтылат).

КУГУРДАК *жерг.* куурдак; *эй, Хәмит, бир кугурдак жасатың?*

КУДАТ: кудду кудат *батк.* так өзүндөй; *кудду кудат өзүңдүн көйнөгүңдөй.*

КУДУРАКАЙ *чүй.* куудурак; *аңтара кийген тону бар, кудуракай бойу бар* (таб. кой).

КУЖУМ *жжол.* 1. шак ийилген мөмө; *жаңак кужум–кужум мөмө байлайт;* 2. *суз.* чокмороктошуп, үйүлүп, чогулуп калган мал, жан; *панжы койлор кужум болуп турат.*

КУЖУМУК *ош.* ызы – чуу; күрү – күү; *кәмпирлер ортого алып,кужумук боло калышты.*

КУЖУР *пам.* кокту; *кужур менен жүрүп отуруп, кечинде тоwго чыкты;* **кара кужур** кар турбаган же кара шагылдуу кокту.

КУЗ I *чүй.* терең жар; *кузда соолук кой жатат.*

КУЗ II *чүй.* куюу; *сууңдан кузуп бер.*

КУЗГУНООЗ *кочк.* аттиштин сабы узун, жаагы чоң келген бир түрү; *кузгунооз менен мыкты сууруп алды.*

КУЗЕК *батк.* таар; шалча; *кызым кузекти жерге сал.*

КУЗМАЛА *батк.* аралаштыруу, чукулоо, аңтаруу; *отту кузмалап кой.*

КУЙ *тал.* мейли; *куй ыйла, куй ыйлава.*

КУЙАҢ *түп.* эки жамбашка тараган ак тамырча; *жамбашты куйаңы менен салса, уйат болот.*

КУЙАШ *батк., сейр.* күн, күндүн нуру; *куйаш чыгып келатыптыр.*

КУЙВУР *алб.* куйту; *куйвур экен, тута кармап алды.*

КУЙГАН *акт., кочк.* дарыянын өзөнгө куя берген жери; *Куртканын куйганында чеп болгон дейт.*

КУЙГАНӨПКӨ *атб.* олово; *өпкөңү үйлөп, ага сүт–май же кан куйуп, калемпир, туз, мурч салып бышырса куйганөпкө дейт* (кээ бир жерде "куюлган өпкө" дейт).

КУЙКУ I *суз.* көз карамыктагандык; *куйкум келип, көзүм чапташтыы.*

КУЙКУ II: кайкы–куйку *тал.* каркыра – турналардын учуп бара жаткандагы үн алышы; *бийик көктө кайкы–куйку үн алышат.*

КУЖУЛ *чүй.* көзгө көрүнүшү начар, чабал, сүтү аз мал; *бул уйдун негизи куйкул болот ко.*

КУЙКУЛ *чүй.* куйкум даам; *ичкен босовус куйкул экен.*

КУЙКУМ *батк.* керчөө; *куйкум берер пейили барвы?*

КУЙЛА *чатк.* ала – салуу; *жүгүрүп ата алвай өзү аскадан куйлайт.*

КУЙЛАН *батк.* өз алдынча эле туталанып ачууланууу; *эч нерсе болбоду, неге мунча ле куйланасың?*

КУЙМА *тал.* 1. соку кант; *канттын куймасы да болот, ошондон ала кел;* 2. *ар.* куюшканга чөгөрүлгөн кооздук; *куйушкандын куймасын курдашың таап биз бердик;* 3. *тал., сейр.* көң; *куйма көп жасалвай калды, отун жетишет, мол;* **куйма чайнек** *батк.* чайнектин кумган сыяктанган бир түрү.

КУЙМАЛА *жжол.* күмүш, жез ж.б. кооздуктарды жабдыктарга чөгөрүү; *куйушканды куймалап бергембис.*

КУЙМАЛАН *жжол.* тармалдануу; *куймаланган кара койуw чачы бар.*

КУЙМАЛДУW *жерг.* 1. эч кооздугу жок эле жөн жасалган буюм; *куймалдуw калпак ойосуз;* 2. мүйүз топчу; *түймөсү кудду куймалдуw.*

КУЙМУЛЧАК I *чүй.* чырычтын кулунчагы; *чырычтын өзөгүн куймулчак деп да койот.*

КУЙМУЛЧАК II пам. унду майга кууруп, куурма чай сыяктантып жасалган тамактын аты; *куймулчакты ичпесе, кува берет;* **куймулчак жегендей** *пам.* чаңкап суусаган деген мааниде айтылчу туюнтма.

КУЙНА *чатк.* кууноо; *жат жерге барса да куйназын.*

КУЙПУ *ал.* куйту; *бизде куйпу деп да, куйту деп да айтат.*

КУЙРА *чатк.* кууроо; *кой башындай жалвырак коңторулзун, куйразын.*

КУЙРАЙ *жжол., чатк.* куурай; *куйрай жыйып жүргөндө.*

КУЙРУ *алб.* кууру; *куйрувай койо тур, ашык ойнойвуз.*

КУЙРУГУЧ *жжол.* куургучтун башы; *куйругучту кийизден жасайт.*

КУЙРУК *пам.* 1. чач кептин арт жакка келе турган бөлүгү; 2. *атб., ыск.* чыйраткан аркандын учу; 3. *чүй.* тогуз коргоол ойнунда колдонулуучу тактанын сол жагындагы тогузунчу үйү; *айаккы үйдү куйрук, же куйрук үй дейвис*; **казан куйрук** *өзг.* илгерки куйругу чоң койдун бир түрү; *казан куйруктун ажалы шыйрактап калган тура*; **кашка куйрук** *ыск.* бүркүттүн ортоңку куйругу; *балапан кезинде кашка куйруктары түбүнөн учуна чейин аппак болот;* **көк куйрук** *чүй, эск.* илгери Фергана тараптан алынып келинип сатылып турган чай; *көк куйрук чайды көп алчу эмес экен* (азыр мындай атоо жок); **кунан куйрук** *батк.* картошка тууралып, камыр аралаштырылып жасалган тамак; *кунан куйруктан жеп алып, ча, серке эргеч, башта! – деп айдай бер*; **куш куйрук** 1. *жерг.* чыйкан, сыздоок сымал келген оорунун аты; *куш куйрукка ормон кара дәри*; 2. *ноок.* алдыңкы эриндин чуңкурчасына чыккан ата сакал; *куш куйрук – сакалдын үстүңкү кичиги*; **куйрук чок** *атб.* куйрук жүндөн кыркылбай калтырылган белги ("куйрук чок" энеси жерибесин үчүн козуларды кыркканда да калтырылат) **куйрук же** *түп.* чыйралып бүтүп калган калган аркан, кыл чылбырдын учун балдарга толготуп коюу

КУЙРУЛ *чатк., алб.* кууруулуу; *түйүнчөккө түйүлгөндөй куйрулвасын.*

КУЙРУЛЧУК *өзг.* куйрук алгыч; *куйрулчукту кеп такыяга тигет.*

КУЙРУМА *чатк.* куурма, куурдак; *жәйилсә жаанга батпай куйрума жасайт.*

КУЙРУҢДА *батк.* чычалоо; *куйруңдап эле каравай калыптыр.*

КУЙРУЧУК *лейл.* өрүлгөн чачка жаба кадалуучу кооздук; *куйручук арт жактагы чач жапкыч.*

КУЙСУПУР *алк.* куйту, кошоматчы; *жеттимби жете элекминби деген ойунга* (эки – экиден ойногон балдардын ойуну) *кошулвай койду, куйсупур да.*

КУЙТ I: **куйт–куйт** *жерг., эск.* илгери көзгө конок конгондо, тиш ооруганда эмчи – домчулар тарабынан колдонулган сырдык сөз; *кара каймак куйт–куйт, жаным каймак куйт–куйт* (бул азыр эскирген).

КУЙТ II: **куйт этпе** *жжол.* былк этпе; *тигинин кевин куйт этпей угуп отурду.*

КУЙТУ *тал., чүй.* калың шак, бадалдын арасында тынбай учуп – конуп жүргөн чымчык; *агай, куйту деген же куйту чымчык деген чымчык бар, билесиспи?*

КУЙТУЛДА *жерг.* куркулдоо; *алкымы куйтулдап зорго туравы ол?*

КУЙУК *тал.* терең маңыздуулук; *кептин куйугу чучукка жетет.*

КУЙУЛ: пейил–куйул *ноок.* пейил – сейил; *миңинин миң пейил–куйулу бар.*

КУЙУЛМА *пам., зам.* 1. кыр; *куйулмадай мурдуң бар*; 2. *пам.* орто семиз; *эти сыйрым, же куйулма болот*; 3. *жерг.* малдын жаз маалкы чучугу (даамы күчтүү болбой, бөксөргөн учуру); *чучугу куйулма экен.*

КУЙУМСАК *жерг.* куюуга

ниеттенгендик; *докту халтага куйумсак болдук.*

КУЙУР *чатк., алб.* кууру; *әгәрдә жовуву болбосо, куйуруп жиберет.*

КУЙУТ *пам.* таштуу жерлерге топурак төгүлүп, анын үстүнө чачылган кык; *аңыздарга куйут чачат.*

КУЙШАҢГЫ *ош.* куюшкан; *өз баландын куйшаңгысын карачы, бир тегиз.*

КУКУРА *пам.* жалаң чай ичүү; *чәй менен кукураган күн өткөн, илгери.*

КУЛА *чүй.* топунун бир түрү; *атам базардан сиңдиме кула сатып берди*; **ак кула** *базк.* пистенин агыш келген бир түрү; *пистенин ак туйук, ак кула дегендери болот.*

КУЛАА *суз., өзг.* жуп; *кетмен куйруктан кулаа кылып бакса да, бир алгыр бүркүтчө болвойт.*

КУЛААЙЫК *суз.* узун өскөн, сыйдан; *арка чачың кулаайык, алтынга башың ылайык.*

КУЛААЛЫ *пам.* курама, чааралакей; *кулаалыдан тону бар.*

КУЛАЙ *батк.* 1. ылайык, эп, ыңгай; *кулай жай эмес*; 2. туура, жакшы; *кечээ жүдә кулай увак болду йу, селер жок болдуңар*; 3. ырас келгендик, ырас болгондук, убагында бүткөндүк, жеңил болгондук; *әдеп келе берип үргөнүп алды, кулай болду.*

КУЛАЙЫ *батк.* ыңгайлуу; *кызым кулайы жерге барса, көңүлүм тынчыйт* (кээде "кулайлуw болуп да айтылат").

КУЛАК *батк.* 1. бир нерсенин жайылган этек жагы; *тувөк жэйлөw муздун кулагыда*; 2. *өзг.* айдын тогошкон кезде пайда болгон коюну; *дидәриң өчкүр, оно айдын кулагы*; 3. *ар.* моюнтурук менен «амачтын» уланган жери; *амачтын кулагын бурасам, жүрө гүм дики–дики;* 4. *ноок.* камчынын алаканы; *бизде көпчүлүгү камчынын кулагы дейт* (кээде "алаканы" деп да айтылат); 5. *батк.* жүрөктүн дүлөйү; *малдын жүрөгүдө кулагы болову?*; 6. *жерг., пам.* чикит ойнунда балакайды кулакка коюп, анан түшүрүп жиберип чабуу фазасы; **кулак жапкыч** *тторо.* Илгерки мылтыктарга куюлган ок – дары төгүлүп кетпес үчүн капкактап жаап коюучу нерсе; *кулак жапкыч менен жаап кой дары төгүлбөсүн;* **кулак мончок** *жерг.* төрт бурч кылып тизилип кулакка же моюнга тагылган кооздук; *тойго кулак мончок алып келди;* **кулак ойум** казандын кулагын элестеткен оюм (бул оюм көбүнчө кийизге ак түспөлдөгү өң менен түшүрүлөт); **кулак таш** *суз.* 1. сөйкө; *кулагына кулакташын тагынган*; 2. *зам.* кулак сымал болуп, анан эки ачакейленип кеткен таш; **кулак текей** *түшт.* чикит ойнунда «балакайды» кулакка коюп, анан чабуу учуру*;* **кулак чапмай** балдар эки топко бөлүнүп, анан ортолоруна түйүлгөн кол жоолук ыргытып, аны ала коюп, башка бирөөнү чаап ойногон оюн; **кулак чозмой** *батк., ноок., жерг.* топ адамдарга карай тыйын ыргытып, аны бирөө ала качып, белгиленген убакытка чейин карматпай койсо, аны утуп алып, карматып койсо, уттуруп жиберген оюн; **айырмач кулак** *акт.* шырдакка салынуучу оюунун бир түрү; *шырдамалга азыр да айырмач кулак салат;* **балык кулак** *атб.* илгерки мылтыктын дары салуучу жери; *мылтыктын балык кулагын чукулап отурган экен*; **ит кулак** *зам.* кончтуу бут кийим; *ит кулак кийет бутуна*; **койон кулак** *батк.* 1. малга жагымдуу келген, сөңгөксүз өсүмдүктүн аты; *койон кулакка оттотсун, колуну сумутпа* (жолтоо кылба); 2. *жерг.* комуздун кулагы;

комуз чавып беремин койон кулак – оой.

КУЛАКАЙ *чүй.* күлала; *коломбайды колум билет кылып, куш-канатын салдырып жатат кулакай.*

КУЛАКТА *өзг.* айдын тегереги "коюнга» учуроо; *ай кулактап калыптыр.*

КУЛАКТАШ *жжол.* кобурашып сүйлөшүү; *кел, кулакташып койолу.*

КУЛАКЧА *суз.* чырыш өсүмдүгүнүн адепки жалбырак сымал өзөкчөсү; *чырычтын кулакчасын үйлөдү.*

КУЛАКЧЫН I *батк.* 1. чапандын этек жагындагы тилиги; *коватың дурус, энди кулакчының әйрилвәсин, ону оңдоп, онон гәп ур*; 2. *өзг., тторо.* күлүк атты таптаганда тер алуу үчүн аны мойну – башы, арка – бели, соорусунан бери жаап коё турган жука, шалча жабуу; *кулакчыны менен жыш чыккан коогого кирип кетпесин ал атып;* 3. *жжол.* улак тартканда ат кулагы менен ойноп, топко тартынбай кирген жылкы; *кызыл бир жорго кулакчын, кыргыздан чыккан улакчым.*

КУЛАКЧЫН II *тал., эск.* илгери салык жыйнаганда колго берилген дүңүрчөк; *салыктын кулакчынын берчү экен.*

КУЛАКЧЫН III *чүй.* догонун каамытка кире турган жери; *каамытыңдын кулакчынын кеңитчи, кичине.*

КУЛАКЧЫНДА *жжол.* аттарды тердетүү үчүн «кулакчын» менен жабуулоо; *атты кулакчындап кой.*

КУЛАМ *ноок.* суунун шары; суунун куламын тыңшап турдум.

КУЛАН *кем., эск.* жарды; *кулан деген илгери болчу.*

КУЛАНӨӨК *ыск., сейр.* бети – башы кызарып чала кызымтал болгондук; *куланөөк болуп калгансыңго.*

КУЛАСА *зам.* жыйынтык; *тартыша бервей бир куласага келгиле.*

КУЛАТ *тал.* суу жыгуу; *суwду тигил арыкка кулатып живерди.*

КУЛАЧЫ *жжол.* илгери пистондун ордуна колдонулган от алдыргыч; *кулачы бизден алдан качан болгон*

КУЛВӘЧӘ *жерг.* жаңы төрөлгөн бала; *кулвәчәң мувәрәк болсун*! (бешик бооң бек болсун!).

КУЛБИЙӘВӘН *пам., миф.* жапайы адам; *кулбийәвән жолукту деп карылар әйтәт эде* (имишке караганда, булар денесин бүт жүн баскан, жылаңач жүргөн, үнү ачуу, бойлуу, күчтүү адам сымал жандык. Жергиликтүү карыялар илгери – илгери эл аз кезде бирди – жарымды боз үйлөргө келип, жууркан – төшөктү чачып, күлдү сапырып, идиш – аякты кыйратып кеткен учурлары болчу дешет. Көп адамдар анын атын атагандан да айбыгышат. Имишке караганда «кулбийәвән» Памир, Алай тоолорунда сейрек учурайт имиш).

КУЛГУН *батк.* кулкун; *кулгуну курусун.*

КУЛГУНДУ *тал.* оозго алгыс кеп, сөз; *кулгунду сөздөрдү орунсуз чыгарат ов.*

КУЛДА *ноок.* ириңдин тээп зилдеши; *бычак тийип теринин ичи кулдап кетиптир.*

КУЛДУВАЙ *чүй.* чикит ойнунда утулуп калып чымылдаганда айтыла турган сөз; *акбай – токбай, кара менде кашка тай, кулду – кулду – кулдувай, куруп калган сандывай; акалекей – чавалекей, чымм...*

КУЛДУГО *пам.* ыраазы болуп, ырахмат айтууда колдонулчу сырдык сөз; *көрсөткөн жакшылыгыңызга кулдуго.*

КУЛДУГУЧ I *жжол., батк., суз.* кылжуугуч; *кулдугуч менен казан жуwуйт.*

КУЛДУГУЧ II *жжол.* куургуч; *кулдугучту буттун кетмени менен басып алды.*

КУЛДУГУЧТА *батк.* кылжуугучтоо; *казанды кулдугучтап жуwтун.*

КУЛДУЙ *жжол.* асмандан тик ылдый сайылып түшүү; *кулдуйуп жерге түшпөгөн куйрукта бүтүн бар бекен?*

КУЛДУК *зам.* кыз тарапка сөз салуу учуру; *кызга кулдук кылат.*

КУЛДУҢ *жерг.* булт этип кеткендик; *кулдуң этип чыгып кетти.*

КУЛДУРГУЧ I *жжол.* тым – тырс ойну; *киләстагы балдарга кулдургуп ойнотту.*

КУЛДУРГУЧ II *жжол.* суу бетинде секирип жүрүүчү өнү кара кичине жандык; *кулдургучту суw үстүндө секирип жүргөндө кармап да алат.*

КУЛДУРГУЧ III *батк.* идиш – аяк жуучу кабык; *бир жерде, жалгыз үйдө кулдургуч бар экен.*

КУЛЖАП *батк.* бийик тоодо өсүүчү өсүмдүктүн аты; *мен кулжап таап келдим.*

КУЛЖЕБЕС *тал.* быжы; *баары эле кулжевес дейт.*

КУЛИСТА *пам.* 1. дубалдын түбүнөн бери карай узатасынан тигилген чүкөнү алыстан уруп ойногон оюндун аты; *кулистада канча ашык жыгылса, шону алат*; 2. ошол оюнда эң башына тигилеген чүкө; *кулиста эң баашыга тигилет* (кай бир жерде "кулис, күлүс " болуп да айтылат).

КУЛК *жжол.* былк; *мен кулк этпей отурам.*

КУЛКУ *тоң.* устаканадагы чоң дөшүнүн жанына орнотулган түрү ошондой эле, бирок көлөмү андан кичине дөшүү; *кулку деп тиги дөшүнү айтат.*

КУЛКУЙ *пам.* култуюу; *бул нимнеге кулкуйат?*

КУЛКУНТАЙ *жерг., лейл.* 1. куркулдай; *кулкунтайдын уйасындай* 2. *зам.* жарда жашоочу көк чымчык.

КУЛЛАСЫ *лейл.* 1. кыскасы, иши кылып, бир сөз менен айтканда; *кулласы ич темени көрвөй калдым*; 2. *зам.* жыйынтык, корутунду; *энди балам, кулласын чыгарвайсыңбы?*

КУЛЛУК *жерг.* 1. жаш баланы куттуктап келгенде, баланын ата – энеси же жакындары тарабынан жооп иретинде айтыла турган сөз; *– кулвача куттуw босун! – куллук ! (эгер төрөлгөн бала кыз болсо, "той жээр куттуw босун!"* дешет); 2. *пам.* ыракмат айткандык, ыраазы болгондук; *комуз тил сайганыга кулдук*!; 3. *лейл.* куттуктоо кылгандык; *көйнөгүң куллук болсун?*

КУЛМАК *түп.* тоголок баш байлап, башка бир нерсеге (там, бак, жип ж.б.) оролуп узун, калың болуп өсүүчү өсүмдүктүн аты; *кулмакты орусча эмне дейт?*

КУЛМУҢДА *кочк.* ыраазы боло кубанып калуу; *чалдын сөзүнө жетине алвай кулмуңдап калышты.*

КУЛОW I: **тай кулоw** *жжол.* тайдын колго эрте үйрөтүлгөнү; *тай кулоwун токуп берип живерет.*

КУЛОW II *жерг.* чарайна; *уйдун кулоwудай илээшпе.*

КУЛОК *кем.* 1. кеминде үч кишиден кем эмес адам диаметри 3 – 5см. келген, узундугу 20 – 30см. болгон жыгачты тикесинен айлананын ортосуна коюп, бирөө кайтарып, калганы чыгара чаап ойногон оюн; *кулок ойногондо «кулок» деп кыйкырат*; 2. *батк.* аралыгы 0,50см. же 100см. келген беш «кылас» сызылып, анан беш – он бала топтолуп, бирөө «айдагыч» болуп, ал биринчи «кыластын» ортосунда турган «кулокту» ыргыта

коюп, ыргыта койсо кийинки «кыласка» көчүп, кезектешип ойногон оюндун аты ("кулокту" урганда ага таяк тийсе көчүшөт, тийбесе жөн уланат. "Айдагыч" которулса, "кылас" күчүн жоготуп, баары кайрадан баштайт. Ким бешинчи "кыласка" жетсе, ал таякты колдон чыгарбай урууга укуктуу болот. Ошентип, ким үч жолу бешинчи "кыласка" чыкса, ошол утат).

КУЛП I *батк.* шай, ахвал; *онун кулпу келведи.*

КУЛП II *жерг.* бекем; *аталар сөзү – акылдын көзү деген гэп кулп сөздөн, ээ?*

КУЛПА *жерг.* илгерки кандайдыр жибек сымал кездеменин аты; *кулпа тон кийип кулпунган.*

КУЛПӘР *батк.* ышкыбоз; *көп эле кулпәр болуw жаравас.*

КУЛПЕК *батк.* кийимдин колтук, этегине киргизилген кыйкым, кийринди; *чапанга кулпек саваса, өңүрү кыйшык боп калат.*

КУЛПТАМА *пам.* 1. кулпулап коюуга ылайыкталып жасалган нерсе; *биз йаңы кегенде шу жерлик кыргыздар «кулптама» дешчү;* 2. билериктин чып эттирип беките коймо кооз түрү; *авал ойло, әнән сөздә, онон кулптама билерзигиң бер.*

КУЛПУ I *акт.* эшик жак; *өлүктү кулпу жакты каратпай, кут жакты каратат.*

КУЛПУ II *зам.* нооту; *жашыл кулпу кийген байвиче*; *кулпу көк лейл.* 1. көк жашыл түстөгү түр, түк (килемге пайдаланылат); 2. көгүш бойок; *кулпу көгүвүз жетпей калды.*

КУЛПУНАЙ *жжол., өзг.* бүлдүркөн; *кулпунайды эгип жешет*; **кулпунай карагат** *батк.* малина сымал жемиш өсүмдүгү; *кулпунай карагат жеп келдик.*

КУЛПУРА *жерг.* көлөкөнүн чоңоюп, кичирейиши; *сай бойуда теректин сайаваны кулпурайт.*

КУЛТАЙ *лейл.* таякесиз; таякесин тааныбаган; *култай болуп калып жүрбөсүн.*

КУЛТАЙТ *чүй.* кылтайтуу; *кулагын култайткан.*

КУЛТАН *чүй., эск.* тилемчи; *бирөөнүн жеринде султан болгуча, өз жеринде култан бол* (бул сөз эскирген).

КУЛТУК *чүй.* мулук; *култук мүйүз көк бука.*

КҮРГҮТ *батк.* ширенке; *ай кыз, үйдөн барып күргүт алып келчи.*

КҮРГҮЧ: күргүч–күргүч *батк.* козу – улакты бөлүп айдоодо колдонулчу сырдык сөз; *о, пейлиң кетпей өл тә, оңолуп күргүч–күргүч дең олорду.*

КҮРДЕЧЕ *батк.* үзүк жабылбаган боз үй; *Алайда күрдече деп әйтәттәр.*

КҮРДӨ *түп.* кымызды бир нече күн чогултуп ачытып, күч алдыруу; *эки саваага кымыз күрдөп койовуз.*

КҮРЕГЕЧИ *тторо., эск.* илгери жоро мезгилинде ар дайым көпчүлүккө бозо сүзүп берген киши; *күрегечи калта менен бир койсо да эч ким унчуккан эмес* (азыр бул атоо эскирген).

КҮРЖҮҢ: күржүң–күржүң *кочк.* күлт – күлт эткендик; *күржүң–күржүң басып жүрчү.*

КҮРК I *батк.* көчүрүп тигиш үчүн себилген тамеки; *тәмәкимдин күркү жәмән экен, көчөтү тегиз чыкпады.*

КҮРК II *лейл.* күрп болгон тоок; *күркту сатат беде?*

КҮРКҮЙ *түнд.* моюн жүндү үксөйтүп дыгдыюу; *мойну күркүйүп денесине туташ келет.*

КҮРЛӨ *ал.* үстөккө – босток ичүү; *кымызың күрлөп ичейин.*

КҮРМӨК: кашка күрмөк *батк.* шалыга абдан окшош болуп, бирок жалбырагы агыш тартып, күрүч аянтына өсө турган өсүмдүктүн аты; *кашка күрмөктү йәм жулуп таштайт*; **кызыл күрмөк** *батк.* өңү кызгылт келип жайылып чыга турган өсүмдүктүн аты; **сар күрмөк** күрмөк өсүмдүгүнүн түктүү болуп чыга турган түрү.

КҮРӨ I *тал., өзг.* адырсымак дөбө жер; *күлүгүн күрөгө байлаган*

КҮРӨ II *жерг.* көтөрмө; *койлорду күргүчтөнтүп жүрүп, күрөгө имне бердиң?*

КҮРӨЗ *ош.* тоң моюн, корс; *Эшим сагыра, Эшим күрөз дешет.*

КҮРӨЗДҮК *өзг.* кежирлик, жоон моюндук; көктүк, доюрлук; *адамдын күрөздүгү өзүнө түшкөн азап.*

КҮРӨК I *жерг.* «сал» айдай турган калак; *күрөгүң жок болсо, салчы бовойсуң*; **кызыл күрөк** күрөктүн ортосу чуңкур келип, эгиндин кызылын сапырганда колдоно турган түрү; *буувдай сапырам, кызыл күрөгүң барвы, берчи?*; ◊ **күрөккө турвайт** *жерг.* түккө турбайт, тыйынга арзыбайт; *бир гәптәрди ийи әйтәсиң, күрөккө турбай турган.*

КҮРӨК II *пам.* төөнүн же уйдун жашын белгилөөдө колдонулчу сөз; **бир күрөк** жаңы асый төө; **эки күрөк** кашка тиши чыккан төө; **төрт күрөк** алты жашка чыккан төө; **алты күрөк** алты кашка тиши чыккан төө.

КҮРӨҢКҮ *пам.* чайнек; *отто күрөңкү турат.*

КҮРӨҢ I *ыск.* кымызга кызып алгандык; *уу, эргул десе, күрөң болуп алган тура.*

КҮРӨҢ II *тал.* кык; *парниктерге күрөң чачыш керек.*

КҮРӨҢОТ *батк.* малга жагыштуу келген өсүмдүктүн бир түрү; *күрөлгөн калың эл күрөңотту билеви?*

КҮРӨҢСӨ *тал.* чөптүн бүр чачып жетилген кези; *чөп өсүп, бүрү чыгып, күрөңсө болгон кези.*

КҮРӨӨ *өзг.* айдөөш; *күрөөгө тартып эл конгон.*

КҮРӨӨЛӨ *өзг.* айдөөштөө; *күрөөлөп конгула деди.*

КҮРӨӨН *өзг.* бир жакка эч камылгасыз эле көчүп келгендик; *күрөөн келди–күрөөн келди, кош алгыла дептир.*

КҮРӨШМӨК *тал.* күрөш; *эңишмек, күрөшмөк кылып той өтөт*; **кыргыз күрөшмөк** *жерг.* жалаң этке чапан кийип, кур курчанып, жамбаш же тизеге алып күрөшүү ыгы; *кыргыз күрөшмөктө чалбай жыгат;* **тәжик күрөшмөк** балбандардын чепкен кийип, жылаң бут болуп, колго кирген жерден булкуп, чалып, алик – салик салып жыгуу ыгы (бул күрөштө чалкадан жыгылмайынча эсеп болбойт); **күрөшмөк чапан** *пам.* күрөшкө түшкөндө кийүү үчүн жасалган атайын чапан; *күрөшмөк чапаңды кий, жыгылганда желкелейт.*

КҮРП *жерг.* ар кыл аң терилеринен жасалган сырт кийим; *күмүш ичик, күрп ичик жамынамын дейт эдең.*

КҮРСӨ *түшт.* 1. тери ийлегенде алдына коюлуучу жыгач жаздык, дөңгөч; *күрсөгө кой да, чаначты ийле*; 2. жүгөндүн эки жаагына коюлуучу дөңсөө сымал тоголок тегерек кооздук; *аргымак оозун чойдурган, алтындан күрсө койдурган*; **күрсө жүгөн** «күрсө» аттуу кооздук чөгөрүлгөн жүгөн; *ондон күрсө жүгөн алып келдиви?*

КҮРСҮ *түшт.* 1. таарынды; *карагайдын күрсү болуп калган дүмүрүнө отурду*; 2. *батк.* уста отура турган орундук; *уста келгиче, күрсүгө отура турайын.*

КҮРТ I *батк.* тамекинин жаш көчөтү; *күртүң түзүк эле жетилдиви?*

КҮРТ II *батк.* күрп; *күрт тоок, бовосо күрк тоок деп койовуз.*

КҮРТӘЧӘН *жерг.* жалаң көйнөк; *шу сүүкта куртәчән келдиңби?*

КҮРТӨ *батк.* топчуламасы эки ийнине салынган көйнөк; *күртөнүн пүчүлүгү мүрүдө болот.*

КҮРТӨК *зам.* бүчүр; *даректар күртөк бәйләди ("күртәк" болуп да айтылат).*

КҮРТКҮБУЗААР *тяньш.* шорподон даярдалган суусун; *күрткүбузаардан ичип кет.*

КҮРҮЛ *түп.* машиналардын айдап бара жаткандагы доошу; *машиналардын күрүлү үгулбайт.*

КҮРҮЛДӨЙ *ноок.* тоолуу жердеги таштардын арасында жашай турган өңү бозомтук, чоңдугу арыс чычкандан чоң келген жандык; *ол күрүлдөйдү атып агамын* (мунун эти өпкө ооруруга дары, өзү мумуя менен тамактанат деп эсептелинет).

КҮРҮҢКӨ *акт.* кружка сымал идиштин аты; *тиги күрпөңдүн жанында күрүңкө жатат.*

КҮРҮС: арыс–курус *коч.* күбүр – шыбыр ушак – айың; *качантан бери арыс–күрүс деген жойулду.*

КҮРҮСТӨН *өзг.* көчүк койгуч жерине жалаң тери шырылып жасалган кичине отургуч; *ашкан териден ашканага күрүстөн жасап койду.*

КҮРҮЧГҮЛ *пам.* сабагы байчечекейге, башы күрүчкө окшош гүл өсүмдүгү; *күрүчгүлдөй жайнайт.*

КҮРҮЧПУРУШ *өзг.* күрүч айдап, сатып оокат кылган адам; *Абдырзакты күрүчпуруш дешчү.*

КҮРЧҮК *ноок.* тор токуучу шиш; *күрчүктү таап бер дейт.*

КҮРШҮ *атб.* коңшу; *коңшуну илгери күршү деп койчу, азыр көп айтылбай калды.*

КҮСӨW *тал.* жүн кыркыны; *биз күсөw десек, башка жерде кыркын дешет.*

КҮСӨWГҮЧ *жерг.* үмүткөр; *ол өмүрү өткүчө күсөwтүч болот го.*

КҮСӨР *чүй.* кусадар; *күсөр болуп жүрөм.*

КҮТ *жерг.* 1. чикит ойнунда чаба элек жатып баласын түшүрүп жибергенде жыдып калуу учуру; **күт болду** – *калды дей бер* ("күт" болуп чикитти чапкандан кийин экинчи бала алаасынан ыргытып жиберет да, анан оюн алат). 2. көчүк; **күтмө күт** *ноок.* куйрук улай; *бир дәәнә сүwга күтмө күт кетти*; **май күт** *кочк.* чымчыктын чырылдак үн чыгарган бир түрү; *май күт чымчыктын үнү угулат*; **мышык күт** *жжол.* тамырында тоголок түбү болуп, аны аарчып жешке боло турган, өзүнүн сабагы, гүлү, жалбырагы сабизге окшош өсүмдүктүн аты; *мышык күт айдоw жерлерге өсө берет;* **тоок күтү** *батк.* чакмак таш ойнунда сөөмөй менен бармакты тийиштирип туруп, ташты бир – бирден айдап өткөрүү учуру; *тоок күттү ойной береттер*; **сары күт** тоо чымчыктын өңү кара күрөң, өзү кичинекей, көчүк жагы саргыч келген бир түрү; *сары күттүн палапанын караң*; **чака күт** жаш балдарды коркутканда айтылуучу сөз; *чака күт келет, ыйлава, чакасыга салып кетет.*

КҮТӘ *жерг.* арты, аягы, кыскасы; *гәптин күтәси – тойду баштай бергиле.*

КҮТКҮЛӨ *чатк.* тымызын жамандап айласын кетирүү; *күткүлөп жаттыларыңбы?*

КҮТҮМ I *батк.* убадада турбагандык; *күтүмү жок бала бово.*

КҮТҮМ II *зам.* кабарлашуу; *кат аркалы күтүмсәк, ич ким билвейт.*

КҮТҮМСӨК *жерг.* күтүүгө

ниеттенгендик; *ол келем дегенини биз күтүмсөк болдук.*

КҮХ *жерг.* тоо; *әгәр түлкүгө чыксаң, жолворс үчүн курал ал – деди дә, күхкә жөнөй берди.*

КҮХӘ *суз.* жаш баланы алдейлегенде айтылчу сырдык сөз; *күхә ушлум – кухә ушлум, аллей бол!*

КҮХӘН *жерг.* эски, мурунку, алгачкы; *кухәндән бери бүрөwдүн башыны гәрәң кылбаган.*

КҮҮМӨЧҮ *суз.* бирөөгө боор тартып, көп күйгөн адам; *күүмөчү шум балдардын бири.*

КҮҮН *өзг.* күбүнүү; *күүнгөндө шалдырап күүнөт.*

КҮЦ *батк.* күч; *эшектин күцү халал, гөшү харам; адамдын ләвизи халал, гөшү харам.*

КҮЦӘЛӘ *баткч.* кучала; *койлорду этийәт кыл, күцәлә жеп койвосун.*

КҮЧ: күч–күч *пам., батк.* итти чакырууда колдонулчу сырдык сөз; *күч–күч деп итини жемге чакырды.*

КҮЧКӨЛӘКИМ *батк.* калп; *күчкөләким бүттүгү келататтар дед.*

КҮЧКӨМҮШ *батк.* 1. тамашалап жалган айткандык; *күчкөмуш әйтсә, чындап алва*; 2. атайлап, сынап; *күчкөмуш эде сурадым эде.*

КҮЧКҮЙ *өзг.* акысыз иштеген адам; *күчкүй кыздын үйүнө кирип алат.*

КҮЧӨЙ *зам.* күчөө; *сүйүwү күчөйүп күйүп – бышат.*

КҮЧҮК I *батк.* килем сокондо оңой колдонуу үчүн атайын кичине кылып түйүлгөн түр жип; *гилемине күчүк кылып бердим.*

КҮЧҮК II *батк., миф.* бешиктеги баланы уктатпай алаксыткыч; *күчүклөрү качсын, әллә–әллә!;* **күчүк tywap** *пам.* сары башыл жору; *сары башыл жоруну бизде күчүк tywap дейт эде.*

КҮЧҮК III *тал.* уюлгуп же чокмороктошуп калган нерсе; *жүwунганда кири күчүк–күчүк болуп түштү.*

КҮЧҮК IV *зам.* чакмак таш ойнунда колду айры кылып, андан таштарды өткөзүп, экинчи тарапты карыздар кылуу учуру; *күчүктү билвесең, гәп гәптин чоголу.*

КҮЧҮК V: күчүк – күчүк *пам.* күчү – күчү; *ала мойнокту ээси күчүк – күчүк деп эркелетти.*

КҮЧҮКТӨ *зам.* жипти «күчүк» кылып түйүү; *жипти күчүктөшүп жүгөр.*

КҮЧҮЛ: күчүл авай *лейл.* кичинекей абайы кездеме; *күчүл авай токунган, жан–жаныга каранган.*

КҮЧҮЛӨН *батк.* тоодо өсүүчү уулуу чөптүн бир түрү; *көп турвай ол сөтөккө барсаң, күчүлөндү тапып берет.*

КҮШ: күш–күш *пам.* 1. итти тукурганда, айдактаганда колдонулчу сырдык сөз; *итти күш–күш деп жүгүрдү*; 2. *батк.* баканы айдоодо колдонулчу сырдык сөз; *күш–күш деп баканы әйдәп жүгөрдүм.*

КҮШӘЙИШ: күшәйиши кәр *батк.* үрөн себээрде айтыла турган сөз; *күшәйиши кәр деп урук севиштилер* (бул туюнтма азыр эскирип калган).

КҮШӘНДӘ I *зам.* курттун бир түрү; *күшәндә жер–жемиштерге зыйан келтирет.*

КҮШӘНДӘ II *батк.* 1. тилге бат көнгөн, оома; *адамдын күшәндәси өзү менен жүрөт*; 2. *лейл.* мыкаачы; *ол күшәндә качангаче жүрөр экен энди;* 3. шайтан; *сенин күшәндәң барвы?*

КҮШӘНДӘ III *өзг.* тукуруп, кайрап койгондук; *кой деп кой күшәндә кылва.*

КҮШӘРТ *пам.* шарт, дароо; *сөзгө күшәрт жооп бер.*

КҮШӘТ *батк.* таза, таптакыр,

эчтеке койбой, калтырбай; *бир улактын гөшүнү күшәт деп койуптур.*

КҮШКҮТТӨ *батк.* эки адамды бир – бирине кайроо; *күшкүттөп жүрүп, акыры тынды.*

КҮШКҮТЧҮ *батк.* 1. айдакчы; *күшкүтчү кийик аттырат*; 2. шыкакчы; *о күшкүтчү да, әдәмгә әдәмди уруштурат.*

КҮШКҮШТӨТ *өзг.* күшүлдөтүп, бышылдатып энтиктирүү; *күшкүштөтүп апасын жетелеп келди.*

КҮШТӨ *пам.* итти чакыруу; *куш – күштө алапарды.*

КҮШТҮW *жерг.* күчтүү; *күштүw менен күрөшвө, түптүw менен тирешве.*

КҮШҮК *суз.* шалчанын жиби; *балам, ишим чыгып калды, күшүтүңдү өзүң түрүп ал.*

КҮШҮНӘ *батк.* мушташчаак; *ол күшүнә эмес, жеңилип калат.*

КҮШҮНӘЛИК *түшт.* мушташчаактык; *кызына келсем, айткан жок дейт, нас, күшүнәлиги кала элек.*

КЫ *батк.* кыл; *тагынып алсын, ого кәмәр кы* (Баткендин Актурпак тарабында бул этиш унгу түрүндө эле "л" тыбышы түшүп айтылат).

КЫВААЛА *алб.* ылаала; *көрүп жатырыкпы, көрвөй жатырыкпы, бис жевейвис деп кываалап басып кетти.*

КЫВАК *жерг.* кыламык; *кечинде кар кывак жааган экен.*

КЫВОП *жерг.* бирөөнү улам эле тамашалай берип оңтойсуз абалга калтыргандык; *ону әзилдәй берип, кывоп болуп калыптыр.*

КЫВЫКТА *түп.* кыбың – кыбың этүү; *чоң эненин сол көзү кывыктап турат.*

КЫВЫЛАГӨЙ I *жерг.* кадырдуу ата – эне, кайнене – кайната; *кывылагөй ата – энеге терс сүйлөвө.*

КЫВЫЛАГӨЙ II *түшт.* тескери кеткендик; *сен кывылагөй бала экенсиң.*

КЫВЫЗДЕК *суз.* алманын даамы кычкыл келген бир түрү; *кывыздек алма бар эде, шо да келвептир.*

КЫВЫРАК *өзг.* майдалап, кыбырап баскан адам; *эл ичинде кывырак деп койовуз.*

КЫВЫЧ *суз., зам.* чыбык; *кывычтарды сайайын дедим эде.*

КЫДЫ: кыды – быды *батк.* өйдө – төмөн, ана – мына, тиги – бу; *кыды – быды девей жөн гәп ур.*

КЫДЫРМА I *батк.* 1. узун кыркалакей кеткен дүкөн же соодагерлердин катары; *бир катар чай ичип отуралы, онон кыдырмага барабыз;* 2. Таян менен Даран айлынын ортосундагы Сох дариясын бойлото кеткен узун жол; *ол узун жолду кыдырма деп койушат.*

КЫДЫРМА II *чүй., миф.* адамды кандайдыр бир азгырып, кыдыртып ээликтирген күч; *кыдырма тийип, кыдырып кетпе, ээ жөн отур (азыр бул ишеним эскирген).*

КЫДЫРМАЙ *тторо.* огородду, эгинди кезек менен кыдыртып сугаруу; *сугаттын кезеги кыдырмай менен жүрчү.*

КЫДЫРМАЛ *чүй.* айыл – үйдү көп кыдарган кишн; *кыдырмал киши ошентип кечигип калат.*

КЫДЫРМАЛУW *жжол.* тизмектешип келген жыбыт – жылга, чыбыр жер; *жылгалуw кыдырмалуw чывыр окшойт.*

КЫДЫРМАЧЫ *өзг., эск.* бели ооруган кишиге карата бертик өтүнгөн адам; *кыдырмачы кыдырып, кыдың чолок жер казып.*

КЫЖАК *жерг.* кыл кыяк; *о, ол кыжакты сүйлөтчү эде.*

КЫЖАКЧЫ *жерг.* кыл кыякчы; *кыжакчыларга окшоп кywдү толук тарт.*

КЫЖАТ *түшт.* кыжалат; *кой өзүм онсуз да кыжат болуп турум.*

КЫЖЫЙ *батк.* 1. жыйрылып тартылуу; *кыжыйып ийнин бүрүштүрдү*; 2. *тал.* итирейүү; *кыжыйып өспөй калды.*

КЫЖЫЛ *лейл.* бушайман; *көңүлүм кыжыл болуп жатат.*

КЫЖЫНТ *өзг.* кыжырлантуу; *кыжытпа бизге тишиңи.*

КЫЖЫҢ: кыжың – пыжың *жерг.* олку – солку болуу; *кыжың – пыжың бовой отур.*

КЫЖЫР *чүй.* орок тумшук келген канаттуунун аты; *кыжырды истеп тавасың го.*

КЫЖЫРКАЙ *түшт.* кыжыр; *кыжыркайы келип кетти.*

КЫЗАЛАК *пам.* «мөөрөй» ойнунда кенге тизилген таш; *от бойуда кәл кызалак;* **кызалактан уруш** *пам.* «мөөрөй» ойнунун бир учуру.

КЫЗГАЛДАК *зам.* килемге гүлдүн элеси катары түшүрүлгөн көчөттүн аты; *кызгалдак түшүрөм деп жәни таш (бышык)* (кээде "кызгалдак гүл" деп да айтылат).

КЫЗГЫЛДАН *түнд.* кызгылт тартуу; *кызгылданат кызарат, бутка карай асылат* (таб. кызыл байпак).

КЫЗГЫМТАЛ *суз.* кызуу; *кызгымтал экен, пул бербеди.*

КЫЗГЫЧ I *лейл.* ызгыт; *бойу жакшы кыздаржан деген неме кызгычты бизге көрсөтө веде?*

КЫЗГЫЧ II *лейл.* кызгылт; *кийик кызгыч болот; кызгыч сары кызгылт сары.*

КЫЗДЫР *зам.* кызытуу; *майды кыздырып дак кыл.*

КЫЗТАҢУW *пам., эск.* тойдо күйөө бала кайнатасыныкына келгенде кызды алып чыгып күйөө менен бир жоолукка таңып жүз көрүштүрүү жөрөлгөсү; *бизде кызтаңуw* (кыз таңар) *богон* (азыр бул көрүнүш эскирип жоюлган).

КЫЗЭМЧЕК *батк.* тоонун какыр, кумдак жерине алакандай болуп чыга турган, өңү боз көгүш келген үч – төрт тегерек жалбырак алган, жалбырагынын учу ара – ара тикендүү келип, жүрөк сымал сүйрүлөнгөн, ортосунан ичке сабак өсүп, анысы майда соёо сымал жумшак үлпүлдөк чыгарган өсүмдүктүн аты; *кызэмчектин түвүнү казып жейт.*

КЫЗТАМЫР *чатк.* тамыры кыпкызыл келген өсүмдүктүн аты; *кырк тамыр, кызтамыр деген өсөт бул жерде.*

КЫЗУУР *батк.* кызымтал; *ол кече кызуур эде.*

КЫЗЧА *зам.* кичинекей кыз; *кызча коркпо, ак койду йәм өз айагы менен асат, кара койду йәм өз айагы менен асат.*

КЫЗЫГЛЫК *суз., жерг., пам.* 1. кызыкчылык; *кызыглыктан ырдады*; 2. ашык болгондук; *кызыглыктан ыр кошту*; **кызыглык иш** ашыктык иш, сүйүү; *кызыглык иши шул беде?*

КЫЗЫК I *жерг.* очоктун ысып, кызарып чыккан жери; *колуңду кызык жерге тийгизбе.*

КЫЗЫК II: кызык – кызык *батк., ал.* тартынбай тез – тез, кеп – көп; *әйләнәйин, тамактан кызык – кызык жеп олтур.*

КЫЗЫК III *батк.* ынтымактуу; *өкөw жүдә кызык.*

КЫЗЫКДАР *түшт.* кызыкчылыгы бар адам; *шо кызыкдар болгондорго бере бер.*

КЫЗЫКЕ *жерг.* абдан кызык, кызыктай; *сен кызыке бар экенсиң ки.*

КЫЗЫКЕЧ *ыск.* кызыке; *оп – ээй кызыкеч, энем айылга кетпедиви?*

КЫЗЫКТАН *батк.* кызыктыруу; *кызыктанып сүйлөйт, отурган жери – бәәри күлкү.*

КЫЗЫКТЫК *жерг.* кызыккандык,

қызыкчылык кылгандык; *кызыктыгым мөлмөлүм көргөн бәндә бар векен?*

КЫЗЫЛ I *батк.* 1. буудайдын, шалынын башын бүрүштүрүп сала турган эгин оорусу; *жылда шалыларга кызыл түшөт*; 2. *терг.* кызамык; *балага кызыл чыгыптыр*; 3. *жжол.* кыргоолдун эркеги; *токойдон бир кызыл көрдүм.*

КЫЗЫЛ II: кызыл бол *кочк.* ынтызар бол; *ии—ии, жанаа куйун... деп аны кевине кызыл болду.*

КЫЗЫЛАШ *тоң.* сайлуу жерге чыгып, көк гүл алып, эрте жазда бүр чыгарып, анча бийик өспөй, кызыл мөмө алган өсүмдүктүн аты; *кызылаштын сабагы көк болот.*

КЫЗЫЛБААШ *пам.* 1. башында кызыл түстүү баш кийими бар (топу, жоолук...) адам; *онаву кызылбааш бир кесек менен эки карга урулвайт, бир ок менен эки элик атылвайт дейт;* 2. ал. тумшук башы кызгылт келген суучул канаттуунун аты; *кызылбааш авалкуранда көрүнөвү?*

КЫЗЫЛГӨЗ *өзг.* өзү алгыр, тумшугу чүрпө, бою келте, буту кыска, текөөрү эки – үч элидей бийик келген тоголок кыраан бүркүт; *mow–mowто жетпейт, адам–адамга жетет дегендей кызылгөзгө йәм жеттимби?*

КЫЗЫЛГЫЧ *алк.* кызгылт; *кызылгыч деп жүрүп кареги соолду (баласынан айрылды).*

КЫЗЫЛДА *суз.* 1. жаңгактын кабыгын сыйруу; *жаңактын кызылданганын ортолукка ыргытышат*; 2. *жерг.* казанга салынган нерсени кызарта кууруу; *мач орогонду казанга салып кызылдайттар.*

КЫЗЫЛДАШ *түшт.* кыжылдашуу; *тим элечи кызылдашат.*

КЫЗЫЛОТ *алк.* күңгөйгө чыга турган, өңү кызгылт келген майда топ болуп чыгуучу чөптүн аты; *кызылот жедирвесең түндүгү түшөт беле?* (оокаттан айрылат беле?).

КЫЗГЫЛТЫМ *тал.* кызгылт; *кызылтым бойок менен бойогон жүндүн өңү.*

КЫЗЫЛЫКТА *лейл.* туталануу; *кызылыктап көңүлүң кайт болдуву?*

КЫЗЫЛЧА *батк.* кызыл сымал, кызгылт; *чийәкәшти караң, кызылча ат минип алыптыр.*

КЫЗЫМЕК *суз.* кымыз сымал; *кызымек алма да бар.*

КЫЗЫМТАЛ *суз.* кызгылт; *түсү кызымтал келет.*

КЫЗЫШ *батк.* тез эле уруша кетүү; *ол дәрөw кызыша кетет.*

КЫЙ I *тал.* кык; *кый ташып болдук.*

КЫЙ II: кый–чий *өзг.* кыйма – чийме; *кый–чий болуп эле каттайт.*

КЫЙ III *жжол.* 1. «чаканбеш» ойнунда таштарды кырынан тигип коюп атуу; *кыйкан тигип кыйып түш*; 2. *тторо.* төрө чакмак ойнунда чүкөнү утуп алуу; *ким баарын кыйса, ошол жак утат.*

КЫЙА I *батк.* кыйкым; *кылдан кыйа таппайт.*

КЫЙА II *түшт.* кыйгай, кыйгач; *үйдүн каалгасы кыйа ачык экен.*

КЫЙАВАН I *батк.* 1. чекеге коюп алгандык; *сен топуңу кыйаван кылып кийипсиң;* 2. кыйшайгандык, оогондук; *түш кыйаван богондо кайнап чыкты*; 3. узун лента; *башыда аппак кыйаван.*

КЫЙАВАН II *батк.* 1. кыя; *кыйаван жол менен бараттат*; 2. аллея; *кыйаван ичиде кыйма–чийме.*

КЫЙАВАНДА *ноок.* кыйгачтоо, чекеге чыгуу, кыйшаюу, ооп кетүү; *күлүк ат чапканда кыйавандап отуруп чыгып келет.*

КЫЙАЗ *жжол.* бир аз; *өңү кыйаз ачылып турду.*

КЫЙАЗДАН *түп.* өңдөнүү, окшоо; *өзүнө – өзү таң калган кыйазданды.*

КЫЙАЙЫ *жерг.* кооз;. *узактан узак, кылыча тузак, кырмызы живек, кыйайы жоwлук* (таб. чүкүрүнүн жалбырагы).

КЫЙАК I *пам., жерг.* 1. чөптүн арасына бир – экиден болуп шибер сымал тилке өскөн өсүмдүктүн аты (кээде ал "кыйак баашы" деп да аталат жана аны ит жейт, ошого карата "иши илгери кетердин ити чөп жейт" деген сөз айтылат да, ал жакшы нерсенин жышааны катары эсептелет); *Можу, Бостон – Теректе кыйак өсөт*; 2. *батк.* камыш сымал келген, бирок өзөк албаган өсүмдүктүн аты, ошондой эле камыштын түп жагына чыгуучу жумшак ийилгич ичке талталы (аны боолукка пайдаланат); *кыйак апке, отун байлайлык*; 3. *чүй.* чырмоок сымал келген жабышып өсмө тал – талы бар өсүмдүктүн аты; *кыйак чырмалып өсөбү?;* 4. *жерг.* көбүнчө камыштын, болбосо башка чөп өсүмдүктөрүнүн кургап, майдаланып калган сыныгы; *эне эмизбесе сүт жок, жалын чыкпаса от жок, камыш орулваса кыйак жок*; 5. *өзг.* шалынын суу ичинен өйдө болуп, «үйрөлөнүп» бийик көтөрүлүп калган кези; *шалы үйрөдөн өтүп, кыйак болуп калыптыр*; 6. *тторо.* таруунун тегиз кылкан чыгарган кези; *тарунун кыйак учурунда келет*; 7. *батк.* өрүк жаюу үчүн жасалган камыш бойро; *өрүк жайган кыйактын бетидеги бәргектерди терип ал*; **ири кыйак** *пам.* «кыяк» өсүмдүгүнүн жазыраак, чоңураак түрү; *ири кыйак өскөн жер бар*; **тарак кыйак** *чүй.* кыяк өсүмдүгүнүн майда – майда тиш сымал ийнече алып өсө турган, мал жешке боло турган түрү; *башыңа кылыч келсе да калп айтпа, эмнеге тарак кыйакты билбей туруп билем дейсиң?*

КЫЙАК II *ал.* кой оорусунун бир түрү; *койу кыйак болуп, кый – чыйы чыга түштү.*

КЫЙАЛ I *батк.* бал камыш; *кыйал өскөн экен*; **жинди кыйал** *батк.* тамыры бир метрден да терендеп, жоогазындын түбүндөй түп алган, бою 20 – 30см. келген, өзөк алып, анысы ак, жашыл гүл алган, сарымсактын жалбырагындай жалбырак чачыраткан өсүмдүктүн аты; *жинди кыйал салкын, кара топуракту w горум жерде өсөт.*

КЫЙАЛ II *зам.* талгак; *бойуна болгонго кыйал болуп калыптыр.*

КЫЙАЛАТ *батк.* ой – пикир; *бир кыйалат менен әйтти дә.*

КЫЙАЛАТТАН *батк.* кыялдануу, ойлонуу; *түнү менен кыйалаттанып жаттым.*

КЫЙАЛАШ *ал.* эки тоонун кесилишкен жериндеги жол; *сәәр кетет ләк – ләк, кеч келет ләк – ләк деп о кыйалашта баратат.*

КЫЙАМ I *батк.* 1. убакытка карай «бир мезгил, бир убак» деген мааниде колдонулчу сөз; *күн бир кыйам болуп каптыр*; 2. күчүнө келгендик, күчөгөндүк, так ортосунда болгондук; *аптап кыйа – мына келип куйкалап жатат*; 3. *зам.* тыным; *бир кыйам тура турсун тамагың;* 4. оңтой; *кыйамына жетип калды, энди таш – тайт(көк бөрү жөнүндө)*; ◊ **кыйамы келсе, бахарда кызыл гүл, ак гүл бүр чәйләйт** жөнү, учуру, мезгили, онутуу келсе ар иш өзүнөн өзү гүлдөйт деген мааниде айтылчу туюнтма.

КЫЙАМ II *өзг., лейл.* 1. варенье; кыйам – мөмөдөн кант кошулуп жасалган тамак; **кыйам – сыйа** *өзг.* таттуу – паттуу тамактар; *кыйам – сыйа жеп кеттиви?*; 2. *лейл.* карагаттын тамырынан кайнатылган

дары (муну бели мертинген, буту сынганга ичирет); 3. *өзг.* кумшекер менен сабиз кошулуп кайнатылып жасалган таттуу; **пәрпи кыйам** *батк.* "пәрпи"өсүмдүгүн кургатып, анан бир аз сууга эзилте кайнатып, марлиге өткөрүп, ширесин тамак ооруга пайдалануучу дары (колго жасалат); *пәрпи кыйам пәрпиден жасалат;*

КЫЙАМ III: **ар кыйам** *батк.* ар кыл, ар түр, ар башка; *жакшы ат ар кыйамга салып басат дейт эде*; **бир кыйам** *батк.* 1. бир кыл; *дайым бир кыйам жүрөсүздөр да*; 2. бир аз; *эркеги бир кыйам кичик болот.*

КЫЙАМ IV *батк.* 1. уулуу чөптүн бир түрү; *кыйам уwлуw захарлык чөп* (бийик өсөт, тамыры уулуу болот); 2. ачуу даам; *кыйам кылып ичпе.*

КЫЙАМ V *лейл.* таңгак; *эки кыйам гезит келди.*

КЫЙАМ VI *чүй, тал.* буттун муун жерине чыгуучу жаранын аты; *кыйамды ысык темир менен каарып айыктырган.*

КЫЙАМАТ *жерг.* кыйгач төрт бурч келип, жээгине үч бурч курак түшүрүлүп, анан ичине дагы кыйгач кичине төрт бурч түшүрүлүп, анын ичине дагы ромбик түрүндөгү көчөт түшүрүлүп кооздолгон курак; *кыйамат балышка кештеленет.*

КЫЙАН I *жерг.* коюу, калың, тик өскөн өсүмдүк, кыл, жүн; *ээн талаа, кыйан камыш, шам чырак, быш-быш булак* (таб. чеке, каш, көз, мурун).

КЫЙАН II: кыйан-чайан *ноок.* быт – чыт, чакчелекей, тополоң тоз; *үйдүн ичи кыйан-чайан болуптур.*

КЫЙАНЧА *түнд.* ичке – ичке жол салган кичине кыян; *такыр жерде жик-жик кыйанчалар жүрдү.*

КЫЙАҢ: кылды кыйаң *пам.* катуу башаламан; *кылды кыйаң бовосун деп кыйалым кетиптир* (кыялданыпмын).

КЫЙАПАТ I *чүй, түшт.* кебете – кешпир; *серпилиңки кыйапатка келди.*

КЫЙАПАТ II *ош.* ушак – айың; *кыйапат айтпа, кыйактай созул* (тартиптүү, баш – аяктуу бол).

КЫЙВАТ I *өзг., тяньш.* кымбат; *жидэ кыйват го бул буйум.*

КЫЙВАТ II *пам.* күнөө; *бүрөwдүн кыйватын көтөрбө.*

КЫЙВАТ III *ал.* айың, ушак; *бирөwдүн артыдан сөз кыва, кыйват болот.*

КЫЙБАТТА *ал.* бирөөнү артынан сөз кылуу; *мышыктын мурдудай* (аз, кичине) *деп апкегенини кыйваттава.*

КЫЙВАТЧЫ *пам.* ушакчы; *жәмән адам кыйватчы.*

КЫЙВЫЧЫК *түнд.* айрандын үстүнө туруп калган каймак; *Кеңеш айрандын кыйвычыгын калпып жеди.*

КЫЙГАР *пам.* жол берүү, жол бошотуу; *ол сенен чоң, бул жолу кыйгар.*

КЫЙГАЧ *тторо.* 1. "чаканташ" ойнунда таштарды кыйгач тизип, аларды адегенде тийгизбей атып жанына түшүп, анан ортон менен серпилте атуу ыгы; *кыйгачты сайып кетсе, кайра супаштан баштайт*; 2. *батк.* арсак – терсек келип, кайталанып согулган орнамент; *дүңгө кырга* (чаар ала чыт кур) *кыйгач салын-байт* (кээде "кыйгач көчөт" деп да айтылат).

КЫЙГАШТАН *жерг.* чаап баратып аттын бооруна кыйшайуу; *кыйгашташып атышкан дейт.*

КЫЙГЫЛЫК *ыск.* шашты; *демитип, көнбөгөндүн кыйгылыгын чыгарат.*

КЫЙГЫР *тал.* кыргый; *биз тоwдон кыйгыр кармап келдик.*

КЫЙГЫТ *чүй, акт.* кекилик, чилдин үнүн тууралгандыкты билдирген сөз; *чымчык сайрайт, кекилик-чил кыйгыт-кыйгыт этип үн чыгарат.*

КЫЙГЫТТА *чүй, акт.* «кыйгыт» этип үн чыгаруу; *кекилик, чил кыйгыттап жайнап кетти.*

КЫЙДАМ *чүй.* кыйкым, шылтоо; *кайдагы кыйдам издеген эр таптың.*

КЫЙДЫ I *жерг.* уруу; *кыйдыны көрсө кызырканат.*

КЫЙДЫ II: кыйда–кыйды *ош.* кыжы – кыжы; *аттуулар гала болуп кыйды–кыйды.*

КЫЙДЫР *пам.* ооздон, колдон алдыруу; *кыдыракай бойу бар, аңтара кийген тону бар деп жатып, кыйдырып койдум.*

КЫЙКАЛАҢ *тал.* ичке, бели бош, чабал; *кыйкалаң торуну минип барып кел.*

КЫЙКАН *жжол.* чаканбеш ойнунда кендеги таштарды төргө карай тикесинен тигүү; *кыйкан тигип атабыз;* ◊ **кыйкан аке кыйып түш, жан жаканды жайып түш;** *жжол.* чаканбеш ойнунда «кыйканды» атканда айтыла турган сөз.

КЫЙКЫЛДА *пам.* талашуу; *билвесең да кыйкылдай беревисиң?*

КЫЙКЫМ *батк.* чүпүрөк – чапырактын кесиндиси, кыйыгы; *кыйкымдарды чогултуп койчу бир жерге.*

КЫЙКЫНДЫ *алб.* согулуп жаткан өрмөктүн кесиндиси; *өрмөктүн кыйкындысынан жасап койгон баштык.*

КЫЙЛА I *алб.* бута; *тосмочулар тосмолосо, кыйкырыкчылар кыйкырса, а сен болсо кыйла атып отурсаң ээ?*

КЫЙЛА II *ноок.* үйдүн шыбын имере жылмалоо; *кыйлаган шыптан көзүн айырвай карап жатты.*

КЫЙЛАЧА *пам.* бир далай, көпкө; *кыйлача көөнүм саңа азды.*

КЫЙЛЫК: **кыйлык–кыштык** *кочк.* ийне – жибине чейин, жакшы – жаманыңа чейин териштиргендик; *а түгүл бул элдин кыйдык–кыштыгына жетип ковурап жатты.*

КЫЙМА I *жжол.* кымыз ачытыла турган челек; *кыйманын үч тогоолго жетпей эле кереги тийет.*

КЫЙМА II *зам.* 1. майда; *ачуwуңду келгизбе, кыйма–кыйма кылып тәшәйт;* 2. кесме; *сиздин кыйма оwкатыңызды сагындым;* 3. *өзг.* котлет; *кыйма жасап берди;* 4. *ар.* ичке – ичке майдаланып тууралган эт, пияз кошуп жасаган нандын түрү; *кыйманы майга пьшырат;* 5. *тал.* боорсоктун чоңураак бир түрү; *кыйманы кээде оймо деп да койовус;* **кыйма атала** майда тууралган эт аралаштырып жасалган тамак; *жусактын гөшүдөн кыйма атала жаса.*

КЫЙМА III *акт., тторо.* 1. ар түрдүү майда кыркындылардан кураштырылган курак; *кыйма ойуп жасагамбыз;* 2. *пам.* жээги кооздолуп согулган бет аарчы; *кыйма бир тартуw берсемби дейм;* 3. койдун кулагына "V" түрүндө бир жагы кичирээк туура чырпылып салынган эн; *койдун кулагыга кыйма түшүр;* 4. *өзг.* чийме; *асты жылма – үстү жылма, ортосунда кызыл кыйма* (таб. балык).

КЫЙМА IV *өзг.* жаш солкулдак камыш, канат ж.б.; *канаты жетиле элек, кыйма канат.*

КЫЙМА V: **кыймап–сыймап** *батк.* аймап – саймоо; *кыймап–сыймап жеп койор эде.*

КЫЙМАЛА *түшт.* эт, чөп – чарды майдалап тууроо; *гөштү мәйдәләп кыймала.*

КЫЙМАТ *өзг., лейл.* кымбат; *базарда кыймат эмес эле арзан.*

КЫЙМАТГЕРЧИЛИК *батк.* кымбатчылык; *кыймагерчилик жойулуп элдин турмушу жүдә жакшы.*

КЫЙНАЛЫҢКЫЛЫК *түшт.* кыйналыбыраак тургандагы абал; *кыйналыңкылык авал менен көрүндү.*

КЫЙНЫК *жерг.* «кыйч» деп чыгарган үндү тууроо; *кыйнык деп эшик ачылды.*

КЫЙПАЧЫКТА *кочк.* тынчы кетип, түйшүк тартуу; *согуш кезинде адамдар кыйпачыктап каржалышкан.*

КЫЙПЫЛДА *түшт.* кулпунуу; *кыйпылдап тим бовой капсың го.*

КЫЙПЫҢДА *кочк.* кыйпычылыктоо; *быйакка–быйакка жүрүңүздөр деп кыйпыңдады.*

КЫЙПЫСЫКТА *жерг.* жукалоо; *Анар кийизге кыйпысыктатып жүн салып живерди.*

КЫЙРЫКАН *батк.* жантык; *сен түз ур, кыйрыканыдан атпа.*

КЫЙРЫКЕР *чүй.* даңазалуу; *кыйрыкер, белгилүү адам да.*

КЫЙРЫСЫН: кыйрысын ур *ыск.* таш – талканын чыгарып тыптыйпыл кылуу; *кыйрысын урган эмедей жым–жырт.*

КЫЙСЫПЫР *чүй, лейл., батк.* будуң – чаң, баш – аламан, баш – аягы жок, быт – чыт; *кыйсыпыр түшкөн көрүнөт.*

КЫЙСЫН *ыск.* оңут, ыңгай; *кыйсынын келтирип ушуну бүткөрчү.*

КЫЙСЫРАТ *батк.* ойсуратып жыргатуу; *дә маңа кыйсыратып койгонсуп туруп калыпсың дә, үкә?!*

КЫЙСЫЙЫТМАК *зам.* сыйыртмак; *бул әли кыйсыйытмакты көрвәптүр.*

КЫЙТ I *зам.* жантайыңкы; *менин ашыгым кыйт турду.*

КЫЙТ II *лейл.* балбандардын күрөшкөндө бир – бирин булкуп – жулкуп жыгуу ыгы; *кыйтка салып, уруп жүгөрдү.*

КЫЙТАЙ *ал.* 1. кыйынсынуу; *сен бала көп кыйтайба;* 2. таарынуу; *маңа кыйтайбачы.*

КЫЙТЫК I *алк.* кыйык, кесинди; *чапан жасасам, көп кыйтык түштү.*

КЫЙТЫК II *лейл.* айдоонун соко тиши тийбей бурч болуп калган жери; *кыйтыктын чөвүнү оруп кой;* **жер кыйтык** *зам.* булуң жер; *адырмак толгон ак аркар жеңой, увалы бардыр атпаймын жеңой, жер кыйтыкка барваймын жеңой.*

КЫЙТЫК III: кыйтык – кыйтык *кочк.* кыйтың – кыйтың этип баскандык, жоргологондук; *кыйтык–кыйтык этип басат тура.*

КЫЙТЫКТА I *кочк.* кыйтыңдоо; *кыйтыктаган жол жүрүшү бар.*

КЫЙТЫКТА II *алк.* кыйык кылуу, кесинди түшүрүү; *чүпүрөктү кыйтыктап ал.*

КЫЙТЫҢДА *батк.* мыйтыңдоо; *кыйтыңдап кыган ишини кара.*

КЫЙЧЫ *лейл., батк.* 1. кырчуу; *таш салса кыйчып койот;* 2. майдалап тууроо; *ашка кыйчып–кыйчып салат.*

КЫЙШАҢ *ыск.* тийишчээк; *ового шыйпаң үйүр, ову жокко кыйшаң үйүр.*

КЫЙЫП *пам.* бир нерсенин жанынан кайып өтүү; *кырк аркар кыйып кетти аттырбай.*

КЫЙЫГЫШ *түнд.* кырчылдашып салгылашуу; *кылычын кырга жөлөгөн кыйыгышкан жоо болсо, Чапайев атаң сыйактуу баатыр болор бекенсиң?*

КЫЙЫК I *тторо.* тоонун мойнок жеринен өтө бергендеги ичке чыйыр; *кыйыктан өтө бергенде шыйрактан кармап алынды.*

КЫЙЫК II *жерг.* азоо; *Абдулажан тик турат, балдары чәк–чәк урат* (таб. чайыр) *дегенди таппасаң, кыйыкка имесиң.*

КЫЙЫК III *зам.* 1. эркектер башын таңып ала турган чарчы жоолук; *кыйыгыны ороп алып, кәмнән ашып кетти;* 2. *атб.* чети кооздолуп саймаланган кур; *кыйык көйнөк, кең этек;* **кош кыйык** *ноок.* бир өңчөй материалга сайма түшүрүлүп, анан кошулуп тигилген «бел боо»; *Анаркан кош кыйыкты жүдә йәм чирәйлүw тигет;* **сылан кыйык** «сылан» аттуу

товардын бир түрү; **чыт кыйык** кездеменин бир түрү; *сүйүнчүлөсөм бир чыт кыйык берди.*

КЫЙЫКТА *батк.* кытыгылоо; *кыйыктаса, күлүп калыптыр.*

КЫЙЫКЧА *чүй.* 1. бир аз калыңыраак кылып кыйгачынан төрт бурчталып кесилип, анан майга бышырылган боорсок сымал нан; *кыйыкча бышыра сал;* 2. *тал.* бир байлам жоолук.

КЫЙЫМДЫ *пам.* кесилип ташталган кичинекей төгөрөк нерсе; *кыйымды тамга салчу эде.*

КЫЙЫНЧЫРААК *тторо.* кыйыныраак, татаалыраак; *сүрөттү көрүп сайса да болот, бирок кыйынчыраак болот.*

КЫЙЫҢ *жжол.* чарчы жоолук; *кызыл кыйың байланып жүрдүңүзбү, энеке!*

КЫЙЫР I *лейл., суз.* 1. мөңгүгө жана бийик аскаларга жакын чөбү аз, такырыраак, бирок күчтүү келген жайыт; *кыйыр оттогон сыйырга көч;* 2. ушул жердеги малчынын конушу; *эгиз тоw, кыйырларда;* 3. кыска жулуп желе турган от чөп; *ыраң от, көк эшен кыйыр–кыйыр келет.*

КЫЙЫР II *пам.* тоо боорундагы чыйыр; *мерген кыйырга салып жөнөдү.*

КЫЙЫРМАК *чүй.* кендеги чүкөнү кыйыр жагынан атып ойной турган түрү; *үч тапан, алты атар, беш тапан, кыйырмак, бөрү–кой ойной беревиз* (кээ бир жерде бул оюн "айралчы" деп да аталат).

КЫЙЫРСЫН *батк.* дан, мөмөнүн аябай коюу болгондогусу; *өрүк кыйырсындай мөмөлөптүр.*

КЫЙЫРТМАК *пам.* артуу – артуу келген тоо жери; *кыйыртмакты кырк аркар.*

КЫК: кык–кык *түнд.* мууна түшүп, дем чыгара албай кырылдай түшкөндүктү баяндоочу тууранды сөз; *кык–кык этип тамагы буула түштү.*

КЫКЧЫ *чүй.* кык ташыган жандык (коңуз); *кыкчы коңуз кыкты түртүп баратат.*

КЫКЫЛА *зам.* какылдоо; *мэки кыкылайт, тuwтаганга окшойт.*

КЫКЫЛДАК *түнд.* кыкылдап үн чыгарган адам; *а тиги Осмон кыкылдак ко.*

КЫКЫЛЫКТА *пам.* кыткылыктап күлүү; *кыйын кишисине кыкылыктайт.*

КЫКЫШТА *жерг.* кынаптан сырдоо; *сыр менен кыкыштайт экен.*

КЫЛ I *батк.* 1. урук – тукум; *онун кылыга чал дэ болсо барам деген;* 2. *жжол.* түр; *кылы бири–бирине туйра келвейт.*

КЫЛ II *түшт.* чак, ылайык; *учтана түшкөн көкүрөгүнө укмуштай кыл келди.*

КЫЛ III *түшт.* дан себүү; *буудай, тааруу, нокот кылат.*

КЫЛА *жерг.* 1. бычакты чарыкка тартканда анын мизинде пайда болуучу кыпын; *бычактын кыласы чыксын;* 2. өтө ичке, жука чыккан (*тартылган*) миз (*бычактыкы*); *бычакка кыла тарткандай.*

КЫЛА II *ал.* бирөөнүн буюмун иштеткенде ага төлөнгөн акы; *беш күндө бир кыла бериптир* (сүт татканда).

КЫЛАА I *жерг.* өтө алыстан үрүл – бүрүл көрүнгөн караан; *кылаа эле көрүнөт дешет.*

КЫЛАА II *ар.* шүүдүрүм; *пахта үстүндө аппак кылаа ажайып.*

КЫЛАА III *тал., эск.* илгери малга кебез байлап келип, той жүктөп, кудалык жөнүндө кеп токтоткондук; *той жүктөп, кылаа түшпөгөн атага жеткен увалы (азыр бул көрүнүш жоюлган).*

КЫЛААЛА *суз.* чайпалуу, толкуу; *кылаалап баскан ким экен?*

КЫЛАДАН *ноок.* шкафтын

суурмасы, тартмасы; *оногуну кыладанга салып койчу.*

КЫЛАЛ *батк., өзг.* түп жагынан тоголокчо алып, жыйырма – отуз см. бийиктикте өсө турган өсүмдүктүн аты; *кылалды жулваса, эгинге зыйан келтирет* (көбүнчө шалы эккен аянтта, суулуу жерлерде өсөт).

КЫЛАЛДА *өзг.* сакалды бириндетип тароо; *сакалды кылалдап баспайлывы, жүрвөйлүвү дейт.*

КЫЛАЛУW *жерг.* 1. өтө ичке миздүү; 2. *өтм.* ичке – ичке сызык, жал, издүү; *кызым көрктүү болсун деп кылалуw торко кийгизген.*

КЫЛАҢ I *түшт.* бир нерсенин кыны; *онун кыланы кайда, кыланга сал.*

КЫЛАҢ II *чүй.* үрүл – бүрүл; *акыры көзгө илээшпей кылаң болуп кетет.*

КЫЛАҢКЫР *кочк.* 1. түнкү чыкыроондо жер бетине түшкөн болор – болбос бубак; *нымдуу жерге биртике кылаңкыр түшүптүр*; 2. *жжол.* жука нерсе; *кылаңкыр чүпүрөк экен*; 3. үлбүл; *кылаңкыр жарык көрүндү.*

КЫЛАҢКЫРЛА *кочк.* «кылаңкыр» басуу; *арык чети кылаңкырлап калды.*

КЫЛАП *суз.* бычак кын; *кылапын салпаңдатып байбайлывы деди.*

КЫЛАПТАН *атб.* «дандакүүнү» салып жүрүү үчүн жасалган капча; *биздин кылаптан деген сөздү караколдуктар билбейт.*

КЫЛАЧӨП *зам.* эшек айдай турган камчы; *кылачөп менен чапып баратат, өзү таш өпкө* (ысык – суукка көнгөн, чыйрак).

КЫЛВАА *батк.* окчун; *кылваа жерде жүрүппү?*

КЫЛВАТ *лейл., жжол., ичк.* ээн, бош, далдаа, обоочо; *азыр шол жол кылват.*

КЫЛГООР *чүй.* кыргоол; *кылгоордун чоңдугу кекиликтен, чүрөктөн чоң болот.*

КЫЛГУЙРУК *батк.* иштебеген жалкоо; *кылгуйрук болсоң өмүрүңө зийән.*

КЫЛГУРТ *жерг.* кулун – тайдын оозу – мурдунан ириң аккан оорусу; *мал кылгурт болсо, шол жерге сугурдун майыны куйат.*

КЫЛГЫ I: бир кылгы *батк.* кай бир; *бир кылгы адам ушундай.*

КЫЛГЫ II *лейл.* кароо, тиктөө, көрүү; *карегим көктө кылгыйат.*

КЫЛГЫМА *түнд.* кылтамак болуп ооруп, ичкен – жегенин кулгуп жүргөн киши; *кылгыма болуп калгансың го.*

КЫЛДАЙ I *тторо.* таруунун тегиз кыйак болгон кези; *тарууну кылдай увагында бир сугарат.*

КЫЛДАЙ II *ноок.* иймейүү; *бир аз кылдайып кетет.*

КЫЛДАН I *жерг.* илгери үй бекитүү үчүн колдонулган жыгач бекиткич (*кулпу*); *келмек – меймандын ыктыйары, кетмек үй эгесинин руксаты – деди кылданды кармап.*

КЫЛДАН II *өзг.* шерденүү; *живиттер да кылданды.*

КЫЛДАНЕКЕР *тал.* кылды эң майдалап, кырып, кырындынын кан аккан жерге басыла турганы; *кылданекер басса, кан бат токтойву?*

КЫЛДАР *тал.* кайгы; *ар кандай кылдар да болгон.*

КЫЛДОW *ал.* тоонун өтө тик эмес, жылкы жайылууга ыңгайлуу жери; *жылкыны кырдан кылдowго айдап түшүр* ("кылдow" жерлерге уйлар жайылбайт).

КЫЛДОО *тторо.* кунан, тайларды жазга жуук жал – куйругун тегиздеп кыркуусу; *жакында жылкыны кылдоо башталат.*

КЫЛДЫКАН *пам.* түбү пияз сымал тоголок, майда келген 7 – 8см.

бийиктикте өсүп, көк гүл алып, түбү желе турган өсүмдүктүн аты; *бизде арам гөдөw, гәдимурч, гөжумәл, кылдыкан өсөт, кылдыкандын таамы кыйгыл болот.*

КЫЛДЫҢДА *батк.* тайгаланып сойголонуу; *көмүр кылат шылдыңдап, байчеки бутта кылдыңдап.*

КЫЛДЫПЫЧАК *батк.* урушуп, талашып ырк келишпегендик; *балага болушуп кылдыпычак бовогула.*

КЫЛДЫР I: кылдыр–шылдыр *батк.* кыбыр – сыбыр; *кылдыр–шылдыр кылып туравыз.*

КЫЛДЫР II: кылдыр кычык *батк.* кычык – кучук; *кылдыр–кычыктан издесең – тавасың.*

КЫЛДЫРАТМА *чүй, эск.* оозго толтура салынып алган; *кылдыратма ок салып, атчан чаап жүрүп урушкан* (азыр бул көрүнүш бүтүндөй эскирип жоюлган).

КЫЛДЫРЧЕК *өзг.* катуу сымды дөңгөлөк кылып ийип, жасаган оюнчук; *кылдырчекти жаш балдар ойнойт.*

КЫЛЕЛЕК *суз.* сүт чыпкалагыч; *онун кылелеги әли мустәкәм.*

КЫЛДЫРЫК *чүй.* канаттуу же балыктын майда, ичке сөөгү; *кырк кызыл куйрук–кызыл куйрук, ичинде кызыл кылдырык кыл куйрук* (жаңылмач).

КЫЛЖЫҢ *жерг., пам.* койдун оорусу; *шондо шол койду кылжыңы бар эде.*

КЫЛЖЫРА *чүй.* 1. үлдүрөө; *наар албагандай кылжырава*; 2. булдуроо; *кылжырай бербечи.*

КЫЛЖОРГО *жерг.* чайкама; *кылжорго тандап мингизсин, кырмызы кымкап кийгизсин.*

КЫЛЖЫРМОЙУН *ыск.* бир нерсеге конгондо мойну тынымсыз абалда кыймылдап тура турган канаттуунун аты; *курсагында урган кылжырмойунду карачы.*

КЫЛКАЙ *суз.* кылтаюу; *кылкайып шондо шод итке тап койдук эде.*

КЫЛКАН *ал.* 1. топоз от жегенде күрмөй албагандыктан арпанын кылкандары тандайына сайылып калып оттобой калган оорусу; *котос арпа жесе, кылкан болот;* 2. *жжол.* аң терилердин тал – тал кылы; *сур сүлөwсүндүн күмүш кылкандарын кара*; **кызыл кылкан** *базк.* жергиликтүү буудайдын бир сорту; *кызыл кыл–кандын муруту кызыл, даны ак болот.*

КЫЛКАНДА *ал.* кылкан сайылып ооруп калуу; *котос кылкандап калыптыр.*

КЫЛКАРА *чүй.* кийимдин тышына салына турган шуудурак кара товар; *чепкенге кылкара алса болову?*

КЫЛКЫЙАР *чүй.* камандын эң чоң, эң сүрдүүсү (эркеги); *алты ок калавы, кылкыйарга керек болот.*

КЫЛКЫЙМА *батк.* 1. куу, митаам; *бәәри адамдардын кылкыймасы шо дәйсиңби?* 2. учар, өткүр; *балдардын кылкыймасы шол;* 3. *ыск.* азуунун бери жагындагы тиш; *кылкыймага салып кырк.*

КЫЛЛА *зам.* бир нерсени чукуп, сайып жүрө турган таякча; *кылла алып ал, керек болот.*

КЫЛОW I *батк., жерг.* төө менен уйдун тилиндеги көк тамырга ак бүдүр чыгып пайда болгон оору; *сыйырдын тили кылоw болот* ("кылоw" болгон мал оттобой, ичи тартылып, арыктап, "нәй" болуп калат. Ошондой учурда малды жаткызып, төрт аягын тушап байлап, оозун кергич менен чоюп, тилин бери тартып, ысымык темир менен каарыган же искек, устара менен бүдүрдү терип таштаган. Кан чыккан жерлерге туз сээп коюшкан).

КЫЛОW II *пам.* шүүдүрүм; *кылоw жерге түшүшү менен биз турдук.*

КЫЛОWЧУ *батк.* малдын «кылow» оорусун дарылаган киши; *атты кылowчуга апарып ке.*

КЫЛООЛО *тяньш.* орто заар тартуу, эки анжы болуу; *орто жолдо кылоолош кыйын, азап.*

КЫЛООЛОНТ *түшт.* чаң жугузбай сылап – сыйпоо; *боз атын жайын-кышын кылоолонтуп минер эле.*

КЫЛП: кылп-кылп *ноок.* эки колду эки жакка жайып, буттарды жерден анчалык көтөрбөй, капталдарын бүлкүлдөтүп, бүткөн боюн солкулдата термелткендик; *кайрадан термелип, кайрадан кылп-кылп этип, бийлей баштады.*

КЫЛПАС *тоң.* тескери; *сары кагын кыйын, катуу оору, кылпас дарыласа оңбойт.*

КЫЛПОТО *баткч.* күлбото; *кылпотодон жасалган көзө.*

КЫЛПЫСТА *батк.* сыландоо; *онун келини кылпыстап жүрөт.*

КЫЛТАЙМА *акт.* ичке кеп сактап, калп коркуткандык; *кылтайманы билчү белең, кызыке?*

КЫЛТАНАК *зам.* эгиндин кылканы; *эгиндин кылтанагын көрсөтөм деп тир.*

КЫЛТАҢ I *жерг.* кыйшактагандык, тике айта албагандык; *кымыз – аштын султаны, сен – кишинин кылтаңы.*

КЫЛТАҢ II *ыск.* 1. сыйгалак, тайгалак; *кылтаң муз тура*; 2. *өтм.* туруксуз; *кылтаң бир кылтаң болбогун.*

КЫЛТЫЙМАТ *түп.* дайыма кылтыйып жүргөн адам; *ким кылтыймат болсо, ал көп узавайт.*

КЫЛТЫК I *зам.* 1. өсүмдүктүн боорундагы, башындагы тикенек кылканчасы, муруту; *өзү кызыл, өзү кызык, бowрудан тарткан сызык, әйләнәси кылтык-кылтык, журттун бәәри шого ынтык* (таб. буудай). 2. балыктын кылканы; *балыкта болот кылтык, адамда болот тыртык.*

КЫЛТЫК II *жерг.* жашырын сыр, айып; *аз жерден кылтыгым чыгып кала жаздады.*

КЫЛТЫР *батк.* 1. бир аз гана жукаланган зорго гана кылтыр майы бар; 2. *пам.* сейрек, суйдан; *кийик кызгыч, жүнү жылас кылтыр болот.*

КЫЛТЫРАК жерг. жука нерсе (тери, чүпүрөк, кагаз, фанера); алакандан териси; *көсөw, көсөwдүн учу бешөw, бешөwдүн ичи кылтырак, кылтыракты учу жылтырак* (таб. кол, манча, алакан, тырмак).

КЫЛТЫРЫК *батк.* 1. сойлок, арпакан; *кылтырык өскөн жерге келиппиз;* 2. эгиндин кылканы, ошол кылкан сымал келген түз, кичине нерсе; *Алайдан кеген, кылтырык, кырып алар жүнү жок* (таб. ийне); *кара кылтырык* шалынын кылканы кара келген бир түрү; *кара кылтырыкка жүрүп кетпес, жүгөн жетпести (суу) койо бер*; **кызыл кылтырык** *базк.* кызыл, суу көтөрүмдүү буудайдын сорту; *кызыл кылтырык, кызыл кылкан, кара буудай өсөт.*

КЫЛПЫСТА *батк.* 1. кыландоо; *кылтыстап кайда баратасың?;* 2. ойдолоктоо; *кылтыставай тым тур!*

КЫЛТЫСТАМА *батк.* сыланкороз; *кылтыстама бовой үгрөткөн жигиттей жүр (шылуун бол).*

КЫЛЧА *чүй.* тарам – тарам болуп, таштактуу жерге өсө турган өсүмдүктүн аты; *кылчанын күлүн керек кылат.*

КЫЛЫККӘШ *батк.* кылыктуу; *ә, кылыккәш адамга эч давaa жок.*

КЫЛЫКЫШТЫ *батк.* 1. урук – тууган, урук – аймак; *өлгүсү кыстап калыптырвы* (эмнеге түнөрөт, эмнеге кабак – кашы ачылбайт, эмнеге көп сүйлөбөй ачууланат); *кылыкыштысыга*

нәәлэт келтирип? 2. *жерг.* кылык – жорук, жорук – жосун; *ол кызыга узун сарыга сактап жүрөм дептир, кылы – кыштысы башка экен.*

КЫЛЫМ *чүй.* кыйла, бир топ; *ал торпок биздикинен бир кылым чоң.*

КЫЛЫМСЫН *түп.* кылыктануу; *ал кылымсынып бетин жава түштү.*

КЫЛЫМЫШ *батк.* өткөндө жасалган иш; *кылымышында төрт загара суw кечет деген экендер (төөнүн таманы).*

КЫЛЫР *ыск.* кыйшаң, тескери; *кылыр ишти жүргүзбөйт.*

КЫЛЫЧ *чүй.* 1. күндүн жаасы; *капчыгай туштан кылыч пайда болду (кээде "жес кемпирдин кылычы" деп да аталат);* 2. *лейл.* килем сокондо анын аркак жибин бекитүү үчүн колдонулган жыгач аспаптын аты; 3. *лейл., батк.* килемдин көчөтүнүн бир түрү; *кылыч түшүрүп кештелди;* **кылыч байлоw** чийден чырмалган чыгандын баш жагына түшүрүлүүчү сейрек орнаменттин аты; **кылыч боw көчөт** он үч жиптүү келген, кылыч боосун элестеткен көчөт.

КЫЛЫЧАРПА *тал.* бою бийик, даны чүрүш, сүйрү келген өсүмдүктүн аты; *кылычарпа ас чыкты.*

КЫМ I *ыск.* тап; *тайдай туйлап кым койот.*

КЫМ II *пам.* акыл, зээн; *кымыңда болсо кыласың, зәдиңдә болсо тартасың.*

КЫМ III: кым–кым *өзг.* кымкуут; *адамдар кым–кым болуп атты.*

КЫМАП *батк., ноок.* кылык – жоругу башкача шум, сараң, бышык, куу; *кандай гөр айтса болот экен, шо кымапка.*

КЫМАПТЫК *пам.* куулук, шумдук; *кымаптыгы кырк эшекке жүк.*

КЫМГАРА *тал.* өңү чылк кара келген кездеменин аты; *кымгарадан көйнөк жасаса жарашпас бекен?*

КЫМКАЙ *тяньш.* бүтүндөй, жыш; *ал жерлер кымкай айдоо талаасы.*

КЫМОW *жерг.* чычалагандык; *пийоз жештен кымоw болуптур.*

КЫМПЫҢДА *түнд.* кымылдоо; *шүк кала алвай, кымпыңдап араң отурат.*

КЫМПЫЧ *батк.* сын тагуу; *сен менин ишиме көп кымпыча.*

КЫМСЫН *жжол.* атты акырын теминүү; *кымсынып койсоң алып учат.*

КЫМТУУРАК *тторо.* жарашыктуу; балам, кымтуурак кийин,

КЫМТЫК *чүй.* кем – карч, түз эмес; *кымтык ишти көрүп туруп, кымтык деп бетке тике айта албасаң – эмнең киши?*

КЫМТЫЛА *батк.* кымтып алуу; *кымтылап кетпе.*

КЫМЧА *алб.* чыптама; *кымча кийип алсаң боло.*

КЫМЧАМА *чүй.* эт менен эт кылып тигилген желетке (аялдар киет); *кымчама кийсе, чыпыйган айал болот.*

КЫМЧЫ *жерг., өзг.* кыпчуу; *кулагыга кымчыйт.*

КЫМЧЫГЫЧ *зам.* от кычкач; *өлүмүштөн талымыш, өпкөсүнү суwга малымыш бовой кымчыгычты алып бериң.*

КЫМЧУУР *чүй.* огород өсүмдүгүн отоп, жерин жумшартуу үчүн ылайыкталып жасалган кычкачы бар аспап, буюмдун аты; *кымчууру менен пийаздын түбүндө жүрөт.*

КЫМЧЫЛ *батк.* кыпчылуу; *куwушканга кымчылгандай.*

КЫМЧЫЛДЫК *тал.* күлтүктүн тегерегине кыпчытып коё турган кездеме, чүпүрөк; *кымчылдыгын кымчытып койчу, кысым.*

КЫМЧЫТ *жерг.* чымчытуу; *лакчегер менен кымчытып ал.*

КЫМШЫР *түп.* кымтуу; *бет жоолугунун учу менен кымшыра жапты.*

КЫМЫЗ *жерг.* кычкыл; *кымыз алма жедик.*

КЫМЫЗА *батк.* 1. сөөлөт; *кымыза кывай тез бар*; 2. кыялкеч; *жәш эле туруп кымызасыны көрүң.*

КЫМЫЗЕК батк. 1. бир жак бети кызыл, бир жагы агыш, даамы кычкыл алма; *кымызек алма аз калыптыр*; 2. ачкыл даам; *зилəлдин бəрги кымызек.*

КЫМЫЗКОР *зам.* кымызды көп ичкен адам; *кымызкорду богоктон* алва (алка – жакадан алба).

КЫМЫЗКОРЛУК *зам.* кымыз издеп ичүүчүлүк; *энди не кылады, кымызкорлук кылалывы?*

КЫМЫЗТЕК *жжол.* кымыздак; *кымызтек куйрап, ышкын бүткөн кезде келипсиңер.*

КЫМЫЛДА *зам.* кыймылдоо; *тур, тез-тез кымылда, тиричилигиң кыл.*

КЫМЫРАН *пам.* 1. төөнүн сүтү; *кымыран ичип мас болвос, кыздар менен дос болвос;* 2. *өзг.* кичине майды күйгүзө кууруп, анан аны сүт менен суюга аралаштырып, кымызга куюла турганы; *кымызга кымыранды көп кошпогула;* 3. *жжол.* кымыздын идиш түбүндө калган саркындысы, жугуну; *кымызы бүт эле кымыран;* 4. *тал., батк.* саамал; *кичине кымыраныңан барвы?*

КЫМЫРАНЧЫ *пам.* төөнүн сүтүнөн кымыз жасаган адам; *кымыранчыга барып, кымыран ичтиңиз беде?*

КЫМЫРЛА *зам.* кыймылдоо; *шамал болвосо, кастын башы кымырлавайт.*

КЫМЫЧЫК *ноок.* кырмычык; *тервелвей отур, кымычык берем.*

КЫН I *батк.* кыргоол, кекиликтин жону менен боорундагы темгил бедер; *кын-кыналы, куйруктары кыналы, кызыл ала тон кийген, жайнап чыккан кыналы* (таб. кыргоол); **кын-кыныдан бол** *жерг.* бузуп, талкалап, тым – тыракайын чыгаруу; *кыргыйек болуп тийип көр, кын-кыныдан болүп көр.*

КЫН II *карс.* жалан; *ол жак кын талаа экен.*

КЫНА I *тал.* күн жаанчыл болгон жылдары эгинге түшө турган эң майда сары курт; *жаанчыл жылы кына күчөйт.*

КЫНА II *лейл.* ширеңкенин талы; *онун ичиде кынасы бар бекен?* ◊ **кыныны жəлəп турат** *батк., өзг.* алоолоп, күйүп – жанып турат.

КЫНА III *пам.* аттын куйругуна тагылуучу кооздук жасалга; *кулагында сырга, куйругунда кына.*

КЫНААЛА *батк.* бекинүү, жашынып корголоо; *жаан өткөнчө кынаалап турады.*

КЫНАЛА *жерг.* дан байлоо, сагак алуу; *эки жагыга кыналап бышат.*

КЫНАЛАШ *батк.* жанаша өскөн; *жаштайдан бирге өскөн кыналаш дос.*

КЫНАМ: бир кынам *өзг.* бир кылка; *ташты бар кынамда тизиңиз.*

КЫНАПТАГЫЧ *тяньш.* устанын инструментинин бир түрү; *узун сары киши келип, кынаптагычты алды.*

КЫНЖЫ I *зам.* кучак; *менин кынжыма кирип келди.*

КЫНЖЫ II *чүй.* чынжырды бири – бирине беките турган курал; *ата-энеси жокто кынжыны алып кетти.*

КЫННА *батк.* кына; *ого кызы кыннаны пүт кармата бериптир.*

КЫННАЙ *батк.* каптал жак, жамбаш туш, жан жак; *бир вакта онун кыннайыга бəрə элвəйт эде.*

КЫНПЫЧ *батк.* кыпчылып катылгандык; *сен мааңа көп кынпыча берве.*

КЫНТЫК I *пам.* жантайма,

жандоо; *кынтык жерге суw токтовойт;* **кынтык жол** *ал.* жээги жемирилип калган жол; *кынтык жолдон баса алвай келатам.*

КЫНТЫК II *ал.* арам; *кара башыма көрүнсүн, кынтык ойлосом.*

КЫНТЫК III *суз., миф.* кыргоолдун пири; *кыргоолдун атасы — кынтык ата.*

КЫНЫК *баткч.* ий болуу; *өзүмсүнбөй кыныга түштү.*

КЫҢАЙЛА *жжол.* сууга сүрүлүп агуу; *кыңайлап кеттиң ээ, ботом.*

КЫҢГАЙ *түшт.* кыңай; *кыңгай ачык эшиктин жылчыгынан көрүндү.*

КЫҢДАЙ *батк.* колко, алкым, кекиртек; *кыңдайыдан бувам.*

КЫҢКЫ *кочк.* кыңылдаган үн, дабыш; *үйдөн баланын кыңкысы угулду.*

КЫҢТАЙ *батк., кочк.* бир жак капталына кыйшаюу; *энди болду, мен кыңтайайын.*

КЫҢШЫК *ыск.* кейикчээл; *жеткен кыңшык эмеви, ыйа?!*

КЫҢЫР I *батк.* жантайма; *биздин жерлер опшем эле кыңыр;* **кыңыр моюн** *түшт.* ботонун мойнун элестетип ийри – муйру сайылган сайманын аты; *кыңыр мойун сайып отурат.*

КЫҢЫР II *батк.* каңырыш; *кыңыр угуп алыпсың да.*

КЫҢЫРААК *суз.* кыңыраң; *кыңыраак мүйүз теке аттым.*

КЫҢЫРАЙ *батк.* арамдануу; *кыңырайып турат, жарыта койвос.*

КЫҢЫРТТА *чүй.* кыңырылуу; *келебизби – келбейбизби деп кыңыртташып турат.*

КЫҢЫРЧАК *ыск.* 1. кыңырап өтпөгөн нерсе; 2. *өтм.* али үнү чыга элек жаш бала; *кыңыр – кыңыр кыңырчак, минген аты ыңырчак, ичинде бар азыгы, куйругунда бар казыгы* (таб. бала, бешик, эмчек, шишмек).

КЫҢЫРЫ *суз.* кара ниет, митаам; *кечээги келген немелер жүдэ кыңыры көрүнөт* («кыңыр» болуп да айтылат).

КЫП I *жжол.* кычуу; *бул сөздөргө кывы канып жатты.*

КЫП II *ош.* онут, ылайык; *гэптин кывын келтирди.*

КЫПКАЧ *тяньш.* от кычкач; *апасы келсе, кыпкачты алып бер деп айтыптыр.*

КЫППА *батк.* жылчыксыз; *сувду кыппа кылып бувуйт.*

КЫПТЫМА *ал.* үй ичинде кийилүүчү жеңил, чолок, жука чапан; *кыптымаңды кийип ал.*

КЫПЧА *ал.* жүн салынып жасалган телегрейка; *кыпчаны ошо кишиге бердим.*

КЫПЧАКЕЙ *ал.* от кычкач; *кыпчакей жазап отуру* ("кыпчыке, кыпчыкей, кыпчагер" болуп да айтылат).

КЫПЧЫЙТ *жерг.* кыпчылтуу; *мурундарын кыпчыйтып, куйруктарын шыйпан эттирет.*

КЫПЧЫГУЙРУК *ал.* кыпчуур; *кыпчыгуйрук менен отту печкеге жага бергиле.*

КЫПЧЫК *пам.* куйрук жагы эки ачаланып кеткен кичине, кочкул күрөң саргыч түстөгү жандык; *кыпчык жүрөт, оно – оно!*

КЫПЧЫКТЫК *ноок.* кыпчуур; *кыпчыктыкты Чүйдө кыпчы куйрук дейт экен.*

КЫПЧЫЛ *чатк., жжол.* 1. тар, кыпчык жер; *кекилик кыпчылда жатат;* 2. *өзг.* казанга жапкан нандын арасындагы кычыктарга коюлуп бышырылган майда токоч; *кыпчылдан бир – экини жейвиз да ("кыпчылдык" болуп да айтылат).*

КЫПЧЫМА *тторо.* жердеги зоонун же чоң таштардын аралыгындагы өтө кысык, тар жер; *Саз – Коо жакта кыпчыма бар.*

КЫПЧЫҢ *пам.* жасакер, жагынгыч; *эй, кыпчың балдар барып балдыр кел.*

КЫПЧЫҢДА *пам.* жалынуу, жалбаруу; *онун алдыда көп кыпчыңдайт.*

КЫПЧЫТКЫЧ *ыск.* кир жайганда аны жипке кыпчып коё турган прищепка; *кир кыпчыткычтарды жыйып ал* ("кыпчыгыч" болуп да айтылат).

КЫПЫК *тал.* сыйрылып калган майда, үбөлөндү кабык; *пийаздын кыпыгын тартса, жүз гырам да чыкпайт.*

КЫР I *жумг.* чүкө ойнунун бир түрү; *кел, кыр ойнойвуз.*

КЫР II *лейл.* дароо; *кыр мәшинә жөнөп кетти эде.*

КЫР III *батк.* 1. учкул, кыраан, күлүк; *кыр бовосо, энесинин үч коргонуну көрсөтүп ирет (азап кылат)*; 2. *тал.* такыр; *чөвү жок кыр тура.*

КЫР IV *жерг.* жеңи кең, узун көйнөк; *айалдардын көпчүлүгү узун кыр көйнөк кийишет.*

КЫРА I *батк.* 1. куйту, куу, митаам; *түлкүдөн да кыра болову?* 2. *тал.* кыраакы, көрөгөч; *кыра киши өңдөнөт, баарын билип турат.*

КЫРА II *батк.* 1. көңүл караңгылап ооругандык; *көңүлү бир кыра болду, үйүңдүн ышы алтын дегенди билведи*; 2. көздүн күчү кетип бүлбүлдөп калышы; *көзүм кыра кетиптир.*

КЫРА III *зам.* колот; *олор кыра дейттер, сиздер колот дейсиздер.*

КЫРАА *жерг.* 1. кыр; *төрт кыраа темир*; 2. *батк.* камчынын учундагы кооздоп кыр чыгарылган жери; *кыраасы бир башка камчы;* 3. жээк. кыр; *таардын кыраасы түзүк эле пышык.*

КЫРААЛАНТ *түшт.* көңүл чөгөрүү, капалануу; *куунак көңүлүн кыраалантыш болбойт.*

КЫРААЛЫК *жжол.* оюндун шартын бузуудагы арамдык; *жок, сен кыраалык кылвай ойногун.*

КЫРАГАЙ I *зам.* көзү тирүү, чыйрак; *олор биз менен бараттар, көвү кырагай.*

КЫРАГАЙ II *батк.* тайгаланма; *таманы кырагай болуп калыптыр.*

КЫРАК *алб.* кыраңча; *товдун кыр–кыр жерин кырак дейт.*

КЫРАКАЙ *суз.* 1. тоонун далдаарак жери; *кыракай жерге көп жаттым, кыңыраак мүйүз теке аттым;* 2. *пам.* жапыз, тайкы; *күңөйдүн оту кыракай чыгыптыр.*

КЫРАКЫ *тал.* чөп өспөгөн, түз, даңгыр, такыр; *бул кыракы жол менен эл каттачу эле.*

КЫРАЛА *зам.* көздү тунартуу; *көзү кыралашып, довшу билинбейт.*

КЫРАМ *өзг., жжол.* арам; *бала кырам тооруп жатпайбы!*

КЫРАН *батк.* кырча; *о кыранда шагал койду мәәгидән тиштеп салыптыр.*

КЫРАНЧ *түшт.* дубалдын, сарайдын кыры; *дувалдын кыранчында биттә байулу отурат.*

КЫРАШ *батк.* тоо кыркасы; *кыраш менен секин чыгып бардык* ("кыра" болуп да айтылат)

КЫРГАЙ *батк.* кыргыйдай, кырып салгыдай; *ыргай тайак – малды кыргай тайак.*

КЫРГАК I *түшт.* өзөндүн, дарыянын жээги; *чомулгандан кийин кыргактагы кумда жатчувуз;* 2. идиштин кыры; *кәсәнин кыргагыдан ушта;* 3. бут кийимдин (тамандын, кончтун) жээги; *өтүктүн кончунун кыргагы сүрүлдү;* 4. тоонун кыр жону, кыр учу; *тээ кыргактагы бүдүрөйгөн ташпы*?; **кызыл кыргак** *ал.* марля; *согуш вактысыда кызыл кыргактан кийим жасап кийишкен.*

КЫРГАК II *жетг.* мизи мокок кыңырак бычак; *кыргак менен кырып живер.*

КЫРГАК III *жжол.* дегээ; *кыргак менен балыкты сайып алган.*

КЫРГОWУЛ *тал., батк.* кыргоол; *сywдун жэгинен кыргowул атып келдим.*

КЫРГОО *чүй.* кыры тик коо; *кыргоо жактан өөдө көздөй атчан келатат.*

КЫРГЫ I *атб.* зергерчиликте сомдолгон күмүш сымдын учун ичкертип, көзөнөкчөлөрү бар калыпка салып, «чымчык ооз» аттиш менен өйдө тартып, тегиздеп чойгондук; *кыргыга салганда, күмүш сымды жыйырма метирге чейин созот.*

КЫРГЫ II *батк.* 1. терини тазалай турган ийрек; *кыргы менен терини кырат;* 2. фуганек; *кыргы менен тактайдын бетини тазаладым.*

КЫРГЫЗЧА *ыск.* чүкөнүн төрдөн атмай түрү; *кел, кыргызча ойнойвуз.*

КЫРГЫЙЕК *лейл.* чакмак таш ойнундагы бир учурдун аты.

КЫРГЫЦ *батк.* кыргыч; *кыргыцыңды кырга кой, уйуткуңду үйгө кой.*

КЫРГЫЧ *атб.* какшыкчыл; *ал кыргыч койун жара тартпасын.*

КЫРДА *ал.* жээк салуу; *боз пайтава кырдалып жасалат.*

КЫРДАЛ *өзг.* медер, жан күйөр; *кырдалым атам барында көпчүлүк көзүн караган.*

КЫРДАР *пам.* 1. өөн – кыйшыгы жоктук; *сөзүңүз кырдарсыз болот;* 2. ыкка келгендик; *кырдарга жеткен пенделер кыз берип, ywул үйлөгөн..*

КЫРДАШ I *жумг.* кичи чилде; камчылан, *кырдаш, камчылан.*

КЫРДАШ II *түшт.* курдаш; *кырдаштар бер кегиле.*

КЫРДЫ: бөөрүнүн жегенинен эм кырды–кырдысы *жерг.* бөөрүнүн жегенинен да кырып жиберди, бүлүндүрүп жиберди деген ызы – чуусу кыйын.

КЫРК I *ноок.* майда кылып өрүлгөн чач; *кыздар чэчтэрини кырк кылып өрүшөт, этлэс көйнөк кийишет.*

КЫРК II *түшт.* 1. карта ойнунда карта алуу; *ким кыркат ал картаны?;* 2. сабиз, эт ж.б. майдалап тууроо; *этти кыркып онон салаттар;* **кыркып чачуw** *өзг.* жаш бала төрөлүп кырк күн өткөндөн кийин кырк күлчө жасап, баланын көйнөгүнүн жакасынан куюлтуп, балдарга таратып берүү; *кыркып чачуw азыр эскирди.*

КЫРКАЛА *ноок.* кесе, так сүйлөө; *кыркалай – кыркалай сүйлөйт эдем.*

КЫРКАЛЕКЕЙ *түнд.* кыдырата; *кыркалакей отургузуп кыркалакей сун.*

КЫРКАТА *кочк.* кыркалакей; *аскалар кыркалата мойун алышып жатат.*

КЫРККУЛАК *зам.* 1. тиштин мүлкү шишип ооруган оору; *жалаң айак жүрсө кырккулак болот;* 2. *батк.* адамдын жаз учурунда (көбүнчө март айында) бут муундарынын ооруп чыккан оорусу; *кырккулак owрусуга мэдил жесе – дэри.*

КЫРКМА *батк., суз.* 1. коондун кабыгы «почогу» калың, эттүү, кеч бышып, көпкө сактала турган түрү; *ковундун кыркмасыдан апкеткин* (кээде "кеч пышар кара кыркма" деп да аталат); 2. коондун «палегине» шире түшкөндө курч бычак менен аны кесип салгандан кийин кайра чыккан майда коон; *басывалды менен көкчөгө кыркмаң бап кевейт;* 3. *өзг., суз.* кесме; *кыркма ичип жатат;* 4. *пам.* колго жасалган чачма дарынын бир түрү; *дэринин кырмасы кыр болуп жасалат;* 5. *лейл.* узун – туурасы бир метрдей келген чарчы

кездеме, жоолук; *эки кызыга эки кыркма берди;* 6. *батк.* үчүнчү сорттогу ун; *ундун кыркмасы экен;* 7. *ош.* рафинад; *мәгәзинден үч килә кыркма алдык* (кээде "кыркма кант" деп аталат); 8. *жжол.* сыздооктун бир түрү; *кыркманы наштар менен жарбаса, айыкпайт,* 9. *ноок.* "үйүлүштө» кымызды «мәйликадыр» кылып ичкенден кийинки ак кылып жутуу жолу; *эки кәсәдән кыркма болду;* 10. *ал.* илгерки чайдын бир түрү; *кыркма чайдан иче алвадым.*

КЫРКООЛО *өзг.* көлөкөлөө; *текелер арчага келип кыркоолойт.*

КЫРКТЫК I *тал.* жуушаң; *Азимбай, кырктыгың барвы?*

КЫРКТЫК II *жерг., батк.* адам өлгөндөн кийин кырк күн өткөрүп, өлүктү эскерип, элге тамак берүү; *энесинин кырктыгыны өткөздү.*

КЫРКЫЙ *жжол.* айла кетүү, амалсыз болуу; *арас кылдым кыркыйып, кайда бардым пул жыйып.*

КЫРКЫЛ *батк.* үзүлүү; *жогон жонулуп, ничке кыркылганда жоон сүзүлүп, ичке үзүлгөндө.*

КЫРКЫЛЫШ *жерг.* тирелишип кармашуу; *урушкандарды ажыратпай кыркылышаттыр.*

КЫРКЫМДА *жжол.* жолду кыркып төтөлөп басуу, качуу; *чывырды аралап кыркымдап кетти.*

КЫРКЫМЧЫЛЫК *батк.* кыркмачылык; *Акмат пәстә кыркымчылык кылат.*

КЫРКЫНДЫ *зам.* килемдин майда саймаларынан чыгып турган түк; *кыркындыны көрвөй жүрөгүгө аш барвайт (тамакка көңүлү чаппайт).*

КЫРЛАН *лейл.* шамал жүрүү; *кывалдан шамал кырланса, дан айрылат самандан, жакшылык кевейт жамандан.*

КЫРЛАНЧ *пам.* жээгине эки – үч жолдон оюк из салынып кооздолуп жасалган кырдуу; *кырланч тавак алып, кийикке кетти.*

КЫРМА I *түшт.* 1. жыгач кашык, аяк ж.б. ичин оюу үчүн колдонулган курал; 2. *зам.* май салуу үчүн жасалган кичине жыгач челекче; 3.*тал.* жыгачтан жасалган табак; *алар андай бир нерсе сала турган жыгач табакты кырма дейт;* 4. *батк.* чондугу дарбыздай болуп, тегерек, кабыгы жумшак, сырты бозумтук, ичи сары түстө келип, көбүнчө самса жасалуучу ашкабактын түрү; *сәмсәгә бештә кырма ашкабак болсо жетер.*

КЫРМА II *ичк.* кичинекей чарчы жибек жоолук; *мәгәзинде кырма боло* веде*?*

КЫРМАГАМЧЫ *жерг.* сабы канжар түрүндө жасалып, керегинде камчы, керегинде мал союуга, бутак ж.б. кесүүгө пайдаланыла турган буюм; *кырмагамчысыны кармап көрсөттү.*

КЫРМАНГҮЛ *жерг.* тоого чыгып, гүл ала турган өсүмдүктүн аты; *кырда бир кырмангүл эдең.*

КЫРМАЧ *пам.* кесме аш; *кырмач жасап берсе боло.*

КЫРМЕСКИ *лейл.* фиолетовый түспөлдүү өң, боёк; *кырмески окшош гүлдөйт.*

КЫРНЕК *жерг.* кичинекей кырча; *кырнегиге келип калыптыр.*

КЫРОW *баткч.* капа болгондук, көңүл чөккөндүк; *көңүлү кырow болду.*

КЫРПА *батк.* 1. жепен; *сенин ашыгың кырпа экен, ойунга кошпойвуз;* 2. жөндөм; *кырпасы бар бала, өркөнү өссүн!*

КЫРПАЛЫК *жерг.* жөндөмдүүлүк; *сен кырпалык кылбай эле кой.*

КЫРПАН *батк.* тоонун кичине кыры; *кырпан менен түшүп барып чакыч терип кегиле.*

КЫРПУТ *батк.* куу, митаам; *ол киши кырпут, адамдарды жактыра бербейт.*

КЫРПЫТ I *батк.* 1. айлакер; *сурап ичкен аш бовойт, ää кырпыт. башка жол тап;* 2. ыкчыл; *ол пичи эс алып жолго чыгат, шамдагай дä, кырпыт дä;* 3. сөз тапкыч, чечен; *ол малды жакшы горуйт, сөзгө кырпыт;* **кырпыт туйак** чака туяк, амалкөй; *кырпыт туйактын колудан йахшылык келеви?*

КЫРПЫТ II *батк.* чүкөнүн таа жагы бүт, алчы жагынын тумшук тарабы жепен болгондогусу; *бул ашыгың өтө кырпыт экен, жäрäвäйт.*

КЫРПЫТТЫК *батк.* айлакерлик; *болор–болвос ишке жүдä кырпыттык кыласың дä.*

КЫРР: кырр–кырр *батк.* азоо атты так – тактоо; *кырр–кырр десең боло.*

КЫРС *жжол.* бырс этип күлүү; *өзүнчө кырс этип күлдү.*

КЫРСА *зам.* бөрүнүн кичирээк бир түрү; *мäшинäдä келатып жолдон беш кырса көрдүк.*

КЫРТ *лейл.* жооруп карт болгондук; *торпогум жүнү бир кырман, энем мени көп урган, аркаларым кырт урган* (оюн сөзү).

КЫРТЫК *зам.* жүн кайчы; *кыртык менен кичине–кичине кесип кой.*

КЫРУЙ *ноок.* жөн – жай; *кыруйуна караш керек.*

КЫРЧАК *пам.* 1. элечекке тегерете тагылуучу кооз сайма; *кырчакты илекиге тагат;* 2. кыр, урчук.

КЫРЧАЛУУ *тяньш.* чыйрак; *сары чийкил, кырчалуу адам.*

КЫРЧОО *алб.* жүрөгү калып жалкоотай болгондук; маңыроо тарткандык; *ол имне, кырчоо болуппу?*

КЫРЧЫМАЛ *чүй.* кызылчаны жууп тазалап, майда туурап, балы чыккыча кайнатып, анан сегиз – он саат ачытып жасаган суусун ичимдик; *Мукай биздикинен кээде кырчымал ичип кетет.*

КЫРЧЫН *батк.* 1. жылгын; *кырчын кичине–кичине гүлдөйт;* 2. *чатк.* буралып толгонуп калган же өсүп турган өсүмдүк; *кырчынды карап болдуларыңбы?*; 3. кырчын талдан согулган сокмо (боз үйдү кыркалата коюлган); *кырчынды кыргыз үйгө койгон.*

КЫРЧЫНДА *чатк.* арчындап толгоп байлоо; *экилен кырчындап байлап жатат.*

КЫРШАП *түшт.* 1. тамдын кырынан алга чыгып турган бөлүгү; 2. шалы палдын жээк кыры; *палдын кыршавына чыккан чөп.*

КЫРШЕК *жерг.* «жороп» деп аталган байпактын жээгине түшүрүлгөн гүл, сайма, кооздук; *менин энем шунмехрубонни, äст äйтпäгин, кыршекти саздаптыр.*

КЫРЫК I *түшт.* 1. кырып алууга араң жарай турган чөбү бар жер; *бул жер кырык экөн*: 2. *зам.* али өсө элек такыр кыска жүн; 3. *лейл.* килемдин түр, түгүнүн кыска, арасы ачык болуп байланышы; *түрүңүз жетпей калат деп кырык бäйläдик.*

КЫРЫК II *зам.* 1. жалкоо, качкын; *кырда бywдай, пышканда кырык болгон эр эдең, кырк баатыр бирден жер эдең*; 2. *жерг., ноок.* ичи тар, куу; *кырык болсоң кыздар да сүйвөйт;* ◊ **кырыктын иши кырлуw** татаал сыр, иш**; бääри ичиде кырык** *жерг.* жеткен куу, амалкөй.

КЫРЫЛ: тынчывыз кырылды *түшт.* тынчыбыз кетти.

КЫРЫМ I *ал.* топоздун терисинен ултарылган, көпкө чыдамдуу келген өтүк; *бекерден хäммä бäзäр бовой кырым тигейин.*

КЫРЫМ II *ыск.* апийимдин маңызын кырып – жыйнап алуу жумушу; *апийимдин кырымы күчөп турган кез, балам, жумуштан качпа* (азыр бул көрүнүш жок).

КЫРЫМЧЫ *жжол.* кырмычык; *казандын түвүнө кырымчы калтырбай турат.*

КЫРЫН *зам.* ачарчылык, жокчулук; *кырын жолду карытар.*

КЫРЫҢ: кырың–пырың *жерг.* зомбулук, док; *кырың–пырың девей кет.*

КЫС *жжол.* таштын жаракасына чыгып, бою өспөгөн, жоонойбогон арчанын бир түрү; *кыс арчадан кесип келиптир.*

КЫСАВА *суз.* ушак, айың; *адамдар кысава кылвасын.*

КЫСАГӨЗ *өзг.* тумшугу кыска, кырдуу келип, көзү таандыкынан бир аз чоңураак болуп, куйругу чологурааk бүткөн бүркүт; *айыл башка болсо да тилек бир, бармак башка болсо да билек бир дегендей тилегивиз бир эде, бир кысагөз берейин дедим сизге.*

КЫСАМ *атб.* касам; *кысам ичесиңби?*

КЫСАПАТ *кочк.* азап; *кыйамат, кысапаттын ысылы–суугун чогуу тартты.*

КЫСАР: тамак кысар *батк.* эки элидей ар кыл чүпүрөк материалга шуру, мончок бастырып, кээде сайма сайып жасалып, аялдар моюнга тагынып ала турган кооздук жасалга; *тамак кысарды лентадан жасайт.*

КЫСАРАТ *жжол.* буту – колдун муундарын кычыратуу; *буту–колун кысарата ордунан турду.*

КЫСЛАТ *өзг.* касиет; *ал кыслатсыз адам.*

КЫСМА *ал.* 1. чыптама; *кысмаңды ал да мәддәдәй жовуравай үйгө бар;* 2. *ал.* саамай чач; *«жаманга бир сөз, жакшыга миң сөз» дейт кысмасын оңдоп;* **жүрөк кысма** *тал.* жүрөктү энтиктирип, кыстыктырып чыккан оору; *жүрөк кысмага учурап керсары тартты.*

КЫСМАК: бел кысмак *ал.* улгайган адамдар белине тартып ала турган нерсе; *бел кысмакты тээриден жасайт.*

КЫСМАН *жерг.* айрым; *бир күнү мен балык алганы пийәзинин ичиге кысман бардым.*

КЫССА *зам.* салым; *були иште менин кошкон кыссам да бар.*

КЫСТА *лейл.* килем токууну аяктоо, бүтүрүү; *кыздар гилемди эртеге кыстайвыз дейт;* ◊ **жолдо йәм кыстайт, гөрдө йәм кыстайт** *батк.* тажатма, кәр кыстоо.

КЫСТАН *жжол.* этекти кайрып кыстаруу; *этегин кайра кыстанып, алдыга лепилдеди.*

КЫСТЫРГЫЧ *жерг.* көөп калган жез, коргошун ж.б. кысып калыбына келтирүүчү шакекче; *кыстыргычтын учу чукур келет.*

КЫСЫГЫЛА *түшт.* кыстоо; *кысыгыласам да чыкпайт.*

КЫСЫК: тили кысык *батк.* 1. сөз айта албай тилдин кыска болушу; *тили кысык, ниме дейт.* 2. *өтм.* ийменчээк.

КЫСЫЛ: ичи кысылуw *ноок.* бир ичек болуп, тамакты аз жеп калуу.

КЫСЫЛЕТ *батк.* кандайдыр бир касиет, өзгөчөлүк, иштин жүрүп тургандыгы; *сенде бир кысылет бар адамсың.*

КЫСЫЛЕТТҮW *батк.* жолдуу, ак жолтой; *кысылеттүw адам экен, мен да онун шарапаты менен ойноп алдым.*

КЫСЫЛТМАК *лейл.* сыйыртмак; *мойнуга кысылтмак салды* ("кысыйтмак" болуп да айтылат).

КЫСЫМ I *батк.* үлүш; *өзүңө тийген кысымыны ала бер.*

КЫСЫМ II *батк.* кыйынчылык, шарт; *адам баласы ар кысымда болот.*

КЫСЫМ III *батк., эск.* бой чакканда колдонулчу дарым, эм; *алдым эде изинден, салдым эде чөвүңдөн... деп кысым кылаттар* (азыр бул эскирген).

КЫСЫНЧААК *суз.* сараң, битир;

орто жериң ток болсо, эки колуң шок, мынча неге кысынчаак болосуң?

КЫСЫРКАН *өзг.* бойго бүтүү; *ал кысырканып калды.*

КЫТ *ош.* жарк дей түшкөндүк; *– баса, шондо неге өппөдүң? – деди кыт этип.*

КЫТАЙ *пам.* 1. аябай көп; *ашык бизде кытай турбайбы;* 2. бала тил албай койгондо айтыла турган сырдык сөз; *кытай ий, бала болбой эле кал; 3. жерг.* укмуш; *күч деген – кытай; 4. батк.* кысым көрсөткөндүк; *адамды кытай кылып живерет.*

КЫТАЙЧА *жжол., эск.* илгери Кокон хандыгынын учурунда колдонулган кичинекей жез замбирек; *кытайчаны дөңдөргө орноткон экен* (азыр бул эскирип жоюлган).

КЫТКЫ *батк.* кытыгы; *кыткысыны караң бowру эзилет.*

КЫТКЫЛ *ал.* арам ой, ич көптүү; *ойу кыткыл, таан ону чокуп жейт десем бовойт.*

КЫТКЫЛДУW *ал.* арам ойлуу; *олор ичиден дагы ле кыткылдуw.*

КЫТМА *батк.* куу, амалкөй; *кытма каары болуп кеткен.*

КЫТМЫЛ *жерг.* кытмыр; *мал ону жалап жейт деп кытмыл айтат.*

КЫТМЫЛДЫК *жерг.* кытмырлык; *кытмылдык кылза көп.*

КЫТТА: **кытта–кытта** *чатк.* бөлүп – бөлүп, кичине – кичинеден; *кытта–кыттадан ич.*

КЫТЫ: **кыты–кыты** *чатк.* аз – аздан, кичине – кичинеден, тийип – качып, бир аздан; *кыты–кыты кылып жей бер.*

КЫТЫЙ *алб.* куудул, күлдүргүч; *мен шундай кытый кишимин.*

КЫТЫК I *ноок.* кытыгы; *кытык – кытык деп качырат.*

КЫТЫК II *тторо.* тиягы да, быягы да дөң, анан имерилиш болуп көрүнбөгөн жер; *тээ кытык сайда эки боз үй турат.*

КЫТЫКТА *батк., жерг.* 1. кытыгылоо; *сен мени кытыктава;* 2. үркүтүү, чочутуу; *ат кытыктанып жүрвөсүн.*

КЫТЫКЫТ *батк., эск.* балдар ойнунун бир түрү; *кытыкытты мен ончо билвейм* (улам кийимди бирден чечип отуруп, аягында жыланачтанып алышып, бири – бирин кубалап, кытыгылашып ойноо).

КЫТЫМЫЛ *пам.* кызганчаак, урушчаак; *айавай кытымыл экен, балам тым отурса, бетин аймап алды.*

КЫТЫМЫЛДЫК *пам.* урушчаактык; *кызым, кытымылдыгыңды койуп жүр.*

КЫТЫР I *тторо.* теринин жакшы ийленбей, катуураак болгондогусу; *түлкү терини жумшак ийлесе, кытыры жок болот.*

КЫТЫР II *кул.* 1. көздөгү митаамдык, куулук белги; *көздөгү кытырын жоготуп жайдаңдады;* 2. *батк.* ичи тар; *менин кошунам абдан кытыр.*

КЫТЫРАЙ *жерг.* кыртыюу; *сөздү эшитип, деген экен деп кытырайып калат.*

КЫХ *атб.* балдардын. ойнунунун бир түрү; *«кых» ойнун балдар ойнойт.*

КЫХА *суз.* жаш балага карата бир нерсени кармап булганбас үчүн айтылчу сөз; *ушлум кой кармава, ол кыха!* ("кыхы" болуп да айтылат).

КЫХМА *батк.* кичине болгону менен көптү көргөн, көп жашка барган адам; *ол кыхма кары, көптү билет.*

КЫЦЫ *батк.* кычы, кир; *колуңдун кыцысын жушсаң бәцә.*

КЫЧ *түнд.* мелдеш ойнунда утулган жакты тамашалап ызаалоо

үчүн айтылуучу сөз; *биз аларды кыч кылдык.*

КЫЧА I *жерг.* ындоо; *кычанын иси болову?*

КЫЧА II *ноок.* тийишип, кычаштык кылгандык; *кыча гэп урасың.*

КЫЧАС *жжол.* сараң, битир; *кычас экен кыз ойнотор берген жок.*

КЫЧАСТЫК *өзг.* кычаштык, *кычастык гылватат.*

КЫЧАНЫЧТА *кул.* кычаштык кылып тийишүү; *калп эле кычанычтанып тийишти.*

КЫЧКАЧ: **жылкы кычкач** *өзг.* жылкычы чымчык; *жаз келгенге жылкы кычкач келиптир.*

КЫЧКЫЛ *жерг.* кир – кок; *байагы кычкылдарды чогулт.*

КЫЧКЫЛДЫРЫК *чүй.* өсүмдүктүн аты; *кычкылдырыкты эчки жейт бекен?*

КЫЧКЫЛТЫК *чүй.* кычкыл даамы бар нерсе; *уйга кычкылтык керек болсо силос салавыз.*

КЫЧКЫРТ *ичк.* чакырт; *баладан кычкыртып жүгөрдүм.*

КЫЧЫ *пам.* быкып көбөйүү; *кычып жатат.*

КЫЧЫК *пам.* кытыгы; *ии, агай кычыгым!. таманды мынадай кылса. кычык келет* ("кычы"болуп да айтылат); **кычык–кычык** *батк.* баланы кытыгылаганда колдонулчу сырдык сөз; *мында тарык, мында сарык, күлкү– күлкү, кычык – кычык!*

КЫЧЫКТА *жерг.* кытыгылоо; *жаш баланы кычыктаса күлөт.*

КЫЧЫЛА *пам.* какшыктоо; *Абдылда әкәм жүдә кычылап сүйлөйт.*

КЫЧЫКЫЙМА *батк.* жык, жыкжыйма; *козу–улактар кычыкыйма болуп бакырышты.*

КЫЧЫЛЫК *түнд.* 1. кыянаттык; *ордодо кычылык кылгандар көп болот;* 2. *пам.* какшыкчылдык; *кычылыкты үйрөнбөш керек.*

КЫЧЫМ *жжол.* чыр; *оо, андай кычым эч жерден тавылвас;* 2. оюндун шартын бузган адам.

КЫЧЫМА *зам.* 1. сайгак; *саңа кычыма тийгенге окшойт өзү, жөн турвайсыңбы;* 2. котур; *кычыма малга йәм түшөт;* 3. *өтм.* тийишчээк; *кычымаң тутса тийишесиң дә.*

КЫЧЫМСЫРА *чатк.* кычышып дүүлүгүү; *көвөөлдү ичсе, тамак кычымсырайт.*

КЫЧЫР *жерг.* кыйкыруу, чакыруу, чыкыруу; *бардык жердин корозу бир кычырат.*

КЫЧЫТКЫ I *ал.* кытыгы; *кычыткым бар деп унавайт.*

КЫЧЫТКЫ II *тал.* койдун терисинин бети майда жара болуп кашынтып ооруган оору; *кой ысык жерде жатса кычыткы болот.*

КЫЧЫШКААК *ал.* кол – бутка бүдүрөйүп чыккан кызыл темгил оору; *колум кычышкаак болуп калыптыр.*

КЫША *бат.* 1. чий; *кышанын өскөн жери шул;* 2. чий же камыштан согулган бойро; *кыша согуп бүттүк;* 3. боз үйдүн чийден, камыштан согулган кереге тоскучу, эшик жапкычы; *кышадан сенин керегең.*

КЫШААК *чүй.* сагызгандан буруу аты; *эй, кышаак, ала куйрук суволоч!*

КЫШАВА *батк.* кыш мезгилиндеги аба ырайы; *күн бүркөлдү, кышавасы да.*

КЫШАЛУW *батк.* чийлүү; *кышалуw жерге жетүw үчүн көп жол бар.*

КЫШАҢ *суз.* басмайылдын бир түрү; *кышаңын бекемдеп тартты.*

КЫШГЕРЧИЛИК *батк.* кышчылык; *кышгерчилик экен, тойго бара авадык, сүүктан корктук.*

КЫШКАТА *пам.* кыштата, кыш бою, кыш ичи; *кышката кыйналып жүрдү.*

КЫШЛАК *лейл., жерг.* кыштак; *улакондос кышлагыда кыргыздар бар.*

КЫШТАМА *жерг.* 1. бир жерге кыш бою тургун болгон нерсе; 2. буйла; *жалама mowдун* (зowдун) *бowруда жаңгыз ыргай* (кuwрай) *кыштама* (таб. төөнүн буйласы "кыштамыш" болуп да айтылат).

КЫШТЕК *жерг.* көйнөктүн колтугуна кийриле турган материал.

КЫШТOWУЧ *түшт.* какач кир; *чыканагына кир кыштowуч болуп кетиптир.*

КЫШТЫ: кылы–кышты *батк.* ата – баба, түп – тек; *азыркы замандай жыргалды ата–бававыз, кылы–кыштыгывыз көргөн эмес.*

КЫШТЫМ *батк.* карта ойнундагы момун; *күзүр кыштым, баса берсеңчи.*

КЫШЫЛДАК *түнд.* кыш – кыш этип араң баскан адам; *ок, кайран кышылдагым, демиктиңби?*

КЫШЫН *чатк.* кышында; *кышын сuwук алганда кыйын.*

КЫШЫНДАСЫ *жерг., түшт., тяньш.* кышында; *кышындасы алагарга жүрөт.*

КЫШЫНДАТАН *алк., батк.* кыштан бери; *кышындатан ойокко баралексиз.*

КЫШЫҢКЫ *батк.* кыш учурундагы, кышкы маалдагы; *кышыңкынын камыны жазыңкысын көрсөң оң болот.*

КЫЫК *суз.* кык; *кыык чачып жүрүшөт.*

– Л –

ЛААДАН *батк.* наадан; *зирек адам таап әйтәт, лаадан адам туш әйтәт;* **асман арык бовойт, лаадан шерик бовойт;** *батк* (бул туюнтма кайгысыз, капарсыз эле ойлонбой жүрө берген, өзүн оор сезип арыктабаган жана наадандыгы менен жолдошчулукка жарабаган адамга карата айтылат).

ЛААДАНДЫК *тал.* наадандык; *ал лаадандыгын билдирип койвосун.*

ЛААЗЫМ I *жерг.* узун багелектүү дамбал; *олор лаазым кийвейт экендер.*

ЛААЗЫМ II *чүй.* ыраазы; *биздин үйдөгү буга да лаазым.*

ЛААНАТ *түшт.* наалат; *ону да эчки жейт, ой лаанат – ой лаанат.*

ЛААН *пам.* чоң жырткыч балык; *лааңды жеп көргөн киши жок* ("лээн, лэхэн, нэхэн" болуп да айтылат).

ЛААТ *жерг.* 1. казанак; *жер жумшак болсо, лаат казгыла;* 2. *батк.* көрүстөн, мүрзө; *лаатка жума күнү коймокчу болду.*

ЛАВ *жерг.* жык, мол; *базарда кәртишкә лав уруптур.*

ЛАВАНТ *лейл.* бийик; *биздин тоwлордой лавант болову?*

ЛАВАШ *суз.* дандырга жабылган нан; *лаваш жегиле, балдар.*

ЛАВЛАВИН *жерг.* кызылча; лавлавиндин пәрки кәттә болот ("лэвлэвү, ловловун, лаглавун" болуп да айтылат).

ЛАВЫЛДА *батк.* жалындоо; *от лавылдап күйдү.*

ЛАГАНБАЗ *лейл.* кошоматчы; *әй, лаганбаз атыгып кетесин, онтпей жүр.*

ЛАГАР *батк.* бир нерсеге жарабай калгандык, иштен чыккандык; *илгери өгүз кошко кошула берип, лагар боп калар эде.*

ЛАЗЗАТ *жерг.* 1. даам; *лаглавундун лаззаты кандай?*; 2. ыракат; *лаззат алсак бовойву*: 3. сүймөнчүлүк, жагымдуулук, таттуулук; *шого окшошуну билсең, тапсаң – лаззат кыласың.*

ЛАЗЫР *жерг.* 1. тоодо кар менен муздун мөңгү болгон жери; *мөккө лазырдан чыккан сuwлар кошулат;* 2. абдан муздак, суук жер; *лазыр жерге барыш кыйын;* 3. суу жеп бузулган жер; *бизде лазыр жерлер көп.*

ЛАЙ *жерг.* 1. чопо; *лай афтава көп түшпөйт*; 2. киргил; *ой лаадан, кылдыкан лай сuwда бовойт*; **лай тавак** *батк.* чоподон колго уютулуп жасалган табак; *лай тавак, лай гөзө, лай кәсә болот.*

ЛАЙГОРОК *зам.* көбүнчө камыш ичинде жашап, буту кара, өзү кичине келген, өрдөк сымал болгон канаттуунун аты; *даазымчан эле лайгорок кувалап кирди.*

ЛАЙКА *лейл.* ылайлуу, киргил; *лайка сuwдан ичпей жүр.*

ЛАК I *жерг.* тытылып жыртылган чүпүрөк – чапырак; *лагыны чывалтпай жыйнәп асын.*

ЛАК II *чүй.* тапталып калган айдоо; *тырактир кайра–кайра жүрө берип, айдоо лак болуптур.*

ЛАК III *жерг.* жүздөгөн, миңдеген, эсепсиз көп; *он миңди йәм бир лак деген.*

ЛАК IV: лак – лак *жжол.* жүрөктүн ликилдеп – лакылдап кагышын билдирген тууранды сөз; *жүрөгү самап лак – лак кактыы.*

ЛАКА *батк.* оозу кичине, башы чоң, жалпак, жону жоон каралжын, асты кызгылт, балык; *Сокто лака балыгы болчу беде?*

ЛАКАЛ *зам.* жок дегенде; *сенин кетериңди лакал мен билсемчи?*

ЛАКАМ *түшт.* 1. лакап; 2. адамга кошумча коюлган ат; *биздин балдар «сары тайлак» деп лакам койуп алыптыр.*

ЛАКАПЕС *батк.* балык сымал келген, башы – боору жалпак, өңү кара чаар, бөйрөк тарабы жазы келген суу жандыгы; *Сок дәрийәсидә лакапес бар, ону жейт* (өтө сейрек келет).

ЛАКАС *батк.* 1. жанчылып, тынчы кетип ооруп калгандык; *мәшинәгә түшсөм эле, лакас болуп куса берем;* 2. *зам.* алсырап ыксырагандык; *гүлдөп деле мәәни болвойт, ой, лакас.*

ЛАКАША *жерг.* тил азар; *лакаша, мынадай тегерек болуп, түвү болот.*

ЛАКЗА *зам.* бир убакта, бир аз маалда; *тоwго баратып бир лакза чоң бака терекке туш келдик.*

ЛАКМА *зам.* ишенчээк; *эх, лакма болсоң, сени алдап койот.*

ЛАКТА: **лакта–лакта** *батк.* бөлөк – бөлөк уюган; *лакта–лакта кан кетти.*

ЛАКЧЕГЕР *жерг., атб.* от кычкач; *лакчегер менен бастырып кой* (кээ бир жерде "лахшегер, лакчәгәр, лакшегер, накчегер" деп айтылат).

ЛАКШЫЙ *ноок.* талпайып отуруу; *лакшыйып отуруп калат.*

ЛАКЫ: лакы–луку *батк.* 1. ыпыр – тыпыр; *лакы–лукуңду ойокка ал;* 2. *өзг.* майда – чүйдө; *лакы–луку сөздөрдү сүйлөвөй эле жүр* ("лаку – лүкү" болуп да айтылат).

ЛАКЫЙ *ал.* бабыр, тантык; *сең лакый эле болуп кагансыңбы?*

ЛАКЫЙЛЫК *ал.* тантыктык; *онун лакыйлыгы кармады.*

ЛАКЫЛДАМА *батк.* бабыр; *кечкече отура береви, ол лакылдама.*

ЛАЛА *жерг.* чаалыгып жүрбөй калуу; *лалап калды, биз кете бердик.*

ЛАЛАЙ *жерг.* 1. бакыраюу; *жумушка жумшаса, лалайып тура бересиң да;* 2. эстен ооп калуу; *киши көрбөгөндөй лалайасың.*

ЛАМА *өзг.* кургатылган кесмени майга кууруп бышырган тамак; *ламаңды бир көрсөтчү.*

ЛАМПА *өзг., суз.* үйдүн шыбын ички бетинен шыбаган шыбак; *үйдүн шывын лампа кылавыз;* **лай лампа** *жерг.* кум шыбак; *лай лампа жәә көп болду;* **чий лампа** чий же камыш согулуп салынган тамдын үстү.

ЛАМПАЛА *өзг.* шыбоо; *үйдүн шывын лампалап койдук.*

ЛАҢКА *батк.* 1. жамандык, жаман аттылык, зыяндык; *жәмән адам менен жүрсөң лаңкасы тийет*: 2. *батк.* жеме; *өзү жокто алып кетип кийин лаңкасына кала алвайм.*

ЛАП I *жерг.* эки жакка ачып, китеп коё турган нерсе; *лапта эки эрин болот.*

ЛАП II *түшт.* 1. апыртма; *жәкәндос жок деп лап кылвачы;* 2. *өзг.* калп жерден ой талаштырып айтылган сөз жанры, түрү; *лап дегенивиз – калп жаныры.*

ЛАП III: лап–лап *пам.* тууранды сөз; *төрт лап – лап, ийри сап–лап, эки шыкылдың, бир шыплың* (таб. төө).

ЛАПАЗ *жерг.* сөз; *биргәәр–биргәәр лапазым сөксөwүлдүн чогундай.*

ЛАПАК *батк.* колго жасалган калай чайнек; *лапакка чәй кой.*

ЛАПАҢ *батк.* лапылдап жааган кар; *лапаң–лапаң кар жаайт.*

ЛАПАР *зам.* ар бир бала бештен таш чыгарып, анан утушуп ойной турган оюн; *лапарда ташты таш менен уруп чыгарат* («лапай» болуп да айтылат).

ЛАПАШАҢ *зам.* 1. эч нерсеге кызыкпай артта калган; *әй, сендей дә лапашаң болот экен, әә?*". 2. бошон; *лапашаң бовосо, шу ишти кылавы?* ("ләпәшәң" болуп да айтылат).

ЛАПГӨШ *ноок.* өтө семиз адам; *лапгөш болвой, пышык бол.*

ЛАППАЙ *түшт.* ыя, эмне дейсиз; макул; *лаппай, таксыр деп алды.*

ЛАПТЫ *батк.* качмай топ ойнунун колдун алаканы менен чаап ойной турган түрү; *балдар лапты өйнодулар.*

ЛАПЧЫ *батк.* 1. калпычы; *апкытын жапшыра сүйлөгөн лапчы бовосун;* 2. *жерг.* бабыр, кобурак; *ол шинчәйи лапчы ки, биздин кулактарды йәм жеди.*

ЛАПШАЙ *алб.* эңирейүү; *гышаа соккон бирөw лапшайып күш–пыш.*

ЛАПШАКТА *чүй.* апылдатуу; *лапшактап жеп жатыптыр.*

ЛАПШЫ *батк.* 1. ары – бери удургуп тынбоо; *бүгүн корөwчу иттер лапшып жатпады;* 2. *пам.* бир нерсени чачуу; *нүмсүк эде, ого каравай лапшыды*; 3. шапшуу; *көтөргөн лагыны лапшып жатат.*

ЛАПШЫЙ *батк.* апшыюу, аңыраюу; *өwзуң ачып лапшыйва.*

ЛАПШЫК *батк.* тантык; *лапшык, отур, мен сүйлөп атам*; ◊ **коңшуң лапшык – өзүң лапшык** *батк.* коңшуң начар болсо, анын азабын көрүп, өзүң да жаман болосуң деген мааниде айтылчу туюнтма.

ЛАПЫ *зам.* апыртма; *лапыңды кой да, адам ишене турган кылып айт.*

ЛАПЫЙ I *жерг.* оюндун аты; *бизде лапый деген ойун бар* (бул оюнда чуңкур казып, ага таш салып, ошо ташты чыгара чаап ойношот).

ЛАПЫЙ II *ал.* лөкүйүү; *бул лапыйган кашаң ат.*

ЛАТ *зам.* 1. майып; *бутум лат жеди*; 2. кокустап калгандык; *айак этим лат жептир.*

ЛАТАКӘР *батк.* тикендүү келген өсүмдүктүн бир түрү; *пычандын ичидеги латакәрди тердим.*

ЛАХАС *батк.* бир аз тап айныгандык, көңүл чаппагандык; *мен лахас болдум.*

ЛАШ *өзг., эск.* багыш; *лаш Алтайда болот.*

ЛАШАЙ *батк.* аңкаюу; *лашайвай кал.*

ЛАШЫ *зам.* 1. өтө эзилгендик; *гөш лашы болуп пышыптыр*; 2. *өтм.* келжирегендик, былжырагандык; *ай – йай–йаа, айагың лат жеп өзүң лашы богонбусуң?*

ЛӘӘЗИМ I *зам.* той – аш, тамаша өткөргөндүк; *атаң бир ләәзим өткөрдү беде?*

ЛӘӘЗИМ II *зам.* ылайык; *бу гәвиң ого ләәзим эмес.*

ЛӘӘНИМӨР *батк.* опкок, соргок; *о ләәнимөр түлкүнү тушайт, түлкүнү бәйләйт* (ичегиге кан куят, бышык, чыйрак).

ЛӘБГӨШ *ал.* арамза; *жүдә жеткен ләбгөш окшойт.*

ЛӘВӘН *лейл.* аарынын бал бербей турган түрү; *бирәр ләвән бар.*

ЛӘВӘНТ *өзг.* лөк; *илгери ләвәнт төөсү бар эле.*

ЛӘВИЗ *пам.* 1. сөз; *адамдын ләвизи адал; гөшү арам*; 2. убада; *ләвизиңә турвайсын;* 3. *өтм.* чындык; *ләвизиң жок неме экенсин.*

ЛӘВЛӘЗ *батк., өзг.* 1. желки; *ләвләз болуптур*; 2. учук; *ысык – сүwүктан ләвләз болуп кетиптир.*

ЛӘГӘЛӘК *лейл.* илегилек; *тап–тап этет таманы жок ләгәләк, сүwдан өтүп бараатат сүйөгү жок ләгәләк* (таб. ун, элек. Кээде "лейлеким, лейлек, ләйләк, лөклөк" болуп да айтылат); ◊ **ләгләкти түwрайм деп чымчыктын чаты айрылыптыр** казды туурап, карганын буту сыныптыр деген мааниде айтылчу туюнтма.

ЛӘГӘН *батк.* 1. илеген (бул идиш түштүк райондордо; "тунуке ләгән, мис ләгән, пәтнус ләгән, сыр ләгән, чыны ләгән, нар ләгән" деп ажыратылып, тамак – аш коюу үчүн пайдаланылат; түндүк райондордо "чоң илеген, кичине илеген, жайпак илиген" деп ажыратылып, тамак –

аш койбостон башка муктаждыктар үчүн колдонулат); 2. поднос; *ләгәнгә нан сал*; 3. *өзг.* чара; *ләгәнди бошотчу, камыр кылайын.*

ЛӘГӘНДӘ *зам.* ар убакыт; *ләгәндә шундай болову?*

ЛӘГЛӘКТӘ *батк.* салпактоо; *кайда барса ону ләгләктәп эрчигени – эрчиген.*

ЛӘЗӘТЛИ *зам.* даамдуу; *пышырган овкатың шунча йәм ләзәтли.*

ЛӘЗИМ *жжол.* 1. ыктымал; *мактап айтышывыз ләзим*; 2. ыза; *сүйлөй алвай ләзим болдум.*

ЛӘЗИМӘТ *зам.* керектик; *муну йәм бир ләзимәткә беревиз дә.*

ЛӘЙЛӘМӘ *зам.* бош, ойноп жүргөндүк; *ләйләмәнди этип кайда жүрдуң?*

ЛӘЙЛӘҢБӘЗ *батк.* көчө таптар; *коңшунун баласы ләйләңбәз болуптур.*

ЛӘЙЛӘҢДӘ *ал.* кежирленүү; *ләйләңдәп жүрө бересиңби?*

ЛӘЙЛӘТУЛКАДЫР *батк., миф., эск.* кай бир учурда асманда түн ичинде моюнтуруктай болуп жалтырап уча турган нерсе; *илгери ләйләтулкадыр көрдүм десе, әчә туйак ак сарбашыл деген, энди ал көөнөрдү.*

ЛӘЙЛИ I *жерг.* кичинекей табак; *ләйли менен бир нават койду* ("ләли" болуп да айтылат).

ЛӘЙЛИ II *батк.* 1. тентирөө; *ләйливей эле баратат*; 2. баш аламан болуу; *пахтаны ләйливей тер.*

ЛӘЙРӘН *пам.* аң – таң; *кайсыдан иштөwтө ләйрән болду.*

ЛӘКӘЛДӘ *өзг.* лекилдөө; *ат менен ләкәлдәп чаптырып келди.*

ЛӘКӘЛӨW *батк.* чоң копол; *ләәдәни душманнан достун зиреги өйдө, ләкәлөw, унутпа.*

ЛӘКӘЛӨWЛҮК *батк.* чоң кополдук; *гәәдә ләкәлөwлүк зийән келтирет.*

ЛӘКӘП *өзг.* тарелка; *ләкәпкә куйсаң иче алвайсың.*

ЛӘКӘПЧӘ *жерг.* кичинекей тарелка; *мәгәзингә чирәйлуw ләкәпчәләр келиптир* ("ликәпчә" болуп да айтылат).

ЛӘКӘШӘҢ *батк.* муун – жүүнү бош, сүйрөлгөн; *ләкәшәң девесин, жүдә тетик жүр* ("ләкәшәм, лапашан" болуп да айтылат).

ЛӘКТЕК *өзг.* материал, кездемеңин белгилүү өлчөмдөн ашып калганы; *жарым метир ләктек калды.*

ЛӘЛЛӘЙ *зам.* делдейүү, далдаюу; *ләлләйип жүрө берве, әр нерседен кур каласың.*

ЛӘЛӘНЧ *суз.* аргасыздык; *ләләнч баруура туура келди.*

ЛӘЛМИ *лейл., зам.* кайрак, кумкайрак; *жегениң ләлми тарвыз.*

ЛӘЛМИКӘР *түшт.* кайрак жерди айдап, оокат кылган адам; *Памылга барсаң, ләлмикәр жок.*

ЛӘМГӨШ *пам.* эти чыйралбаган, бышпаган, бош; *ләмгөшкө иш буйурва.*

ЛӘМПӘМ: ләмпәм сембирге караганда *жжол.* акыйкаттык менен караганда.

ЛӘМЧИ: бир ләмчи *батк.* биринчиден; **эки ләмчи** экинчиден ...

ЛӘНӘТИ *зам.* наалат; *ләнәти десе, имне үчүн ичесиң?*

ЛӘНТИК *түшт.* кендирден согулган таар; *ләнтик алвасаң кетпейсиң.*

ЛӘНЧ *өзг.* 1. кыжалат; *бүгүн мал базар жүдә ләнч болуп турат*; 2. *жерг.* эзилип чаалыгуу, жанчылуу; *путу-колум ләнч болуп калыптыр*; 3. *батк.* жаман абалда калгандык; *менин ишим ләнч болду*; 4. *зам., батк.* былжырап кеткендик; *палов ләнч болду.*

ЛӘҢ *жерг.* 1. аксак; *темирди*

темир кесет дейт ол лаң; 2. аксагандык; *иштер лаң болду девесин.*

ЛӘҢГӘР I *батк.* дар ойноп жаткан кездеги дарчынын колундагы жыгач; *колумда лаңгәр чөп менен жыгылсам, кунум жок.*

ЛӘҢГӘР II: лаңгәр әзиз *батк.* мүрзө; *өйуз жакта лаңгәр әзиз бар.*

ЛӘҢЗӘ *пам.* пост; *шо жылдары лаңзә шу әтәрәптә турган.*

ЛӘҢКӘ *ал.* ылаңги ойну; *кичине кезде лаңкә тээп ойноор эдек.*

ЛӘҢКИ *өзг.* чикиттин энеси менен баласынын чабууга ыңгайлуу келип калган учуру; *лаңки–лаңки болуп калды.*

ЛӘПӘРМӘН *зам.* жибек куртунун «пилласын» ичке ийрип, атайын станок менен колдо токуунун аспабы; *ләпәрмәниңиз барвы?*

ЛӘПӘС I *зам.* 1. ант; *маңа берген ләпәсиңдән кайтавысың?;* 2. каргыш; *ләпәси тийвесин, сен әм ләпәс кыва.*

ЛӘПӘС II *жжол.* алк; *ач көздүн ләпәсинән оолак болсун* ("ләпис" болуп да айтылат).

ЛӘПИЗ *жжол., өзг.* 1. напси, обор; *ләпизиң кургур жаман экен*; 2. *өтм.* дем.

ЛӘПКӘН *батк.* базардын жалаң дан сатыла турган жери; *ләпкәнгә жалаң бүгдай толгон, арзанчылык.*

ЛӘПКӘШ *батк.* 1. ооз көптүрүп сүйлөгөн адам; *бир кийик атса, беш кийик аттым деп элге айтса, ләпкәш болот;* 2. бабыр; *ләпкәш экенсиң көп сүйлөп*; ◊ **ләпкәш иләвизивдә туравы?** сүйлөөк убадада турабы?; **ләпкәштин иләви учукташып кетти** сүйлөөктүн үрөйү учту; **ләпкәш иләвинди живитпейт** сүйлөөктүн эчтекеси жок, сыйлай албайт.

ЛӘППӘЙ *батк.* 1. бир нече бөлүккө сызылган бөлүктөн «ләппәй» деп аталган жалпак кичине ташты бир буттан оромпай тээп ойногон оюндун аты; *биз ләппәй деп ойногон ойунду өзбекчесиге ләппәк дейт*: 2. *жерг.* тегерек сызыктын ортосуна тоголок таштарды коюп, аны сүйрү жукараак таш менен атып ойноочу оюн; *ләппәй ойноп, утуп алдык.*

ЛӘППӘК *суз.* жашынмак оюндун бир түрү; *ләппәк кайсы ле айылда болсо бар.*

ЛӘПЧӘРМӘК *өзг.* балдар эки тарап болуп бөлүнүп, ар бир башчы өз ара сан, эсеп жашырып: " ләпчәрмәк? – ата пәрмәк «биттә пәттәси нечтә? – эллик тә» деп ойной турган оюн (бул оюнда уткан жак "гирр" деп кыйкырып, утулган балдарды минип ойношот. Бул оюн аты "ләпәшәрмән, ләпәрмән" болуп да айтылат).

ЛӘРЗӘ *зам.* дирил, калтырак, титирегендик; *дәри жарылса, жер ләрзәгә келди.*

ЛӘРЗӘН I *зам.* запкы; *аттан жыгылып мийеси ләрзән жеген.*

ЛӘРЗӘН II *батк.* бир орунда турбай тынчы кеткендик, көтөрүлүп калгандык; *жүктүн ләрзәни бар.*

ЛӘРЗӘҢДӘ *батк.* 1. тынчы кетүү, көтөрүлүү; *келин кегендегисини унутпайт деп ләрзәңдәйт*; 2. чайпалуу; *иш ләрзәңдәп турат* (калды).

ЛӘТӘ *түшт.* 1. эски – уску чүпүрөк; *әттәрчигә ләтә тәпширдим;* 2. начар кездеме, товар; *ләтәгә окшогон бош көйнөк*; 3. айрынды, үзүм (пахта, кездеме); **ләтә кылып тийгиз** чүпүрөктүн айрындысын, же пахтанын үзүмүн дарыга салып жарага тийгизүү; 4. чапандан, төшөктөн эскирип чыгып калган пахта, кебез.

ЛӘТӘПӘРМӘН *батк.* оюнда айтыла турган сөз; *ләтәпәрмән? – әпчәрмән, бир паттада канчадан? – он бештәдэн.*

ЛӘТӘПУРУШ *батк.* кездеме сатуучу; *ол ләтәпуруш кыйыктын көзү кыйыкта дейт.*

ЛӘТИВӘ *батк.* ар кыл формадагы жашыл тунук кооздук; *ләтивәни тагынып калкайып турат* (муну кай жерде мурундун таноосуна тагынган учурлар болгон. Бул сөз "латипа, латыва" болуп да айтылат).

ЛӘТТӘ *жерг.* ышпалдасы чыккандык; *иш – кәттә, хә мийон – ләттә.*

ЛӘХӘЛ *жерг.* асыл таштын бир түрү; *ләхәлгә окшош акактай.*

ЛӘХӘТ *жерг.* көрүстөндүн казанагы; *гөрдү жарма, же ләхәт кылып казат.*

ЛӘЧИРӘ *лейл.* жука нан; *ләчирә нан жаптым* ("ләчирә" очокко жабылып, чоң көлөмдө бышырылат).

ЛӘШӘЙ *батк.* астыңкы эрди шалпайып, ууртунан шилекей – көбүгү чыгып мажүрөлөнүү; *ләшәйвәй түзүк бол.*

ЛӘШИ *жерг.* алчы конуу; *мен ләшиди дедим гочу.*

ЛӘШКӘР *суз., лейл.* аскер, армия; солдат; *ләшкәри болгон экен;* ◊ **ләшкәр башы уста болсо, душман айагы асманда** *лейл.* устаты мыкты болсо, шакирти тың.

ЛЕ *өзг.* же, балким; *ле жакшылык, ле жамандык келип кетет.*

ЛЕКИН *түшт.* 1. бирок; *лекин мунун гүлү кызыл болот;* 2. *пам.* күмөн; *бул сөзүңдүн лекини бардай көрүнөт;* 3. ошентсе да; *бүгүнгү жаалыңды эртеге кой, лекин бүгүнгү ишиңди эртеге койво* (мунун: бүгүнкүнү йәм ойло, эртегини йәм ойло, лекин онон нары чойво" – деген варианты да бар); ◊ **жай тар, лекин көңүл кең** *ноок.* калп эле көңүл улагандыкты туюндурууда айтылчу туюнтма.

ЛЕҢЗӘ *пам.* бош, ээн талаа жер; *леңзә жерге барып чай ичет.*

ЛЕПКИР *ыск.* депкир; *лепкир менен сузуп ал.*

ЛЕПМЕЛЕП *жерг.* суунун лыпылдап, мелтилдеп куюлушу; *лепмелеп сүүдү куйду.*

ЛЕПШИ *батк.* 1. май жубаздын ок жыгачын катуу басуу үчүн таштар салынып коюлган ящик сымал оюк жыгач; *лепшинин жүгү жеңилеви дейм;* 2. *ноок.* тепши; *лепши жыгачтан чавылат, кир жуват.*

ЛЕРКЕР *лейл.* керек; *андай болвосо леркер.*

ЛИВАС *зам.* жарашыктуу; *бу киймиң ливәс экен;* ◊ **үйгө – палас, адамга – ливәс** *жерг.* ар нерсеге өз жарашыгы керек деген мааниде айтылчу туюнтма.

ЛИВӘСДУЗ *жерг.* бычмачы; *сен ливәсдуз окувда окуйвусуң?*

ЛИК: **лик–лик** *жерг.* кичине жандыктын тез кыймылын туураган сөз; *о текчеде лик–лик, бу текчеде лик –лик* (таб. чычкан).

ЛИКӘВӘ *батк., лейл.* кичинекей тарелка; *ликәвәгә мәйиз койдук.*

ЛИКӘЗӘ *батк.* тарелка; *ликәзәни сындырып алдым.*

ЛИЛЛӘ *батк.* анык, чын; *сен жүдә лиллә сүйлөдүң.*

ЛИМ: **лим–лим** *зам.* жык, толо; *кәсә менен лим–лим кылып аш апкелди.*

ЛИҢ: **лиң–лиң** *баткч.* төөнүн өркөчү; *төрт тап–тап, эки лиң–лиң жарык жылдыз, ийри комуз* (таб. төө).

ЛИҢКИН *өзг.* арамзалык, кара ниеттик; *сенин ичиңде лиңкиниң бар.*

ЛОW *жерг.* ылоо; *жәйлөwгө чыгышка лоwуң барвы?*

ЛОВА *ал.* чоң чыны; *ол үйдөн лованы алып келчи.*

ЛОВАН *батк.* аштоо; *лованга туз салса, мал жейт.*

ЛОВЛУ *жерг.* 1. долу; *ыйла, ыйләй бер, ловлу;* 2. *батк.* тилемчи; *ләнжа*

дова тапсаңчы, ол ловлуга ("лолу" болуп да айтылат).

ЛОВУЙА *жерг.* маш буурчак; *ловуйа көктөп калыптыр* ("лойә, ловийә" болуп да айтылат).

ЛОГЛО *батк., жерг., кочк.* 1. үйүлүп топ болуп басуу, жүрүү; *логлоп келатат*; 2. *батк.* локулдоо, соксоңдоо; *артынан логлоп чуркап кетти.*

ЛОГО *ал.* чоң чыны; *бир лого пийәлә кымыз ичтим* (кээде "логоw, логоwo, лого" деп айтылат).

ЛОГОЛО *тал.* жылкынын көздү чел басып ооруган оорусу; *логоло менен ооруган жылкы.*

ЛОКМО *зам.* реплика; *сүйлөгөн кишиге локмо тәштәвәй отур.*

ЛОКО *тяньш.* баш кийимдин бир түрү; *локодон башы чыкпайт.*

ЛОКУ *зам.* жылкынын жаагы шишип ооруган оорусу; *биздин бээ локу болуптур.*

ЛОЛО *батк.* эки жагынан буулуп коюла турган жаздык; *лоло балыш кана?* ("лөлө" болуп да айтылат).

ЛОЛУКАЧАР *батк.* шалыны тазалаганда «уч» менен таза күрүчтүн аралашып, бөлүнбөй калгандагысы; *лолукачарды эптеп, тазаласак, пышкан ашка кол салат әә* (даяр нерсеге жок жерден кошулуу, доомат кылуу).

ЛОНДО *зам.* так, түшүнүктүү; *лондо жерини әйтә гой.*

ЛООВӘР *лейл.* татынакай; *өзүвүздүн айылда йәм лоовәр кыздар көп.*

ЛООЧУН *тторо.* чикит ойнунда балегин чабардар бирден үчкө чейин колдонула турган сөз; *бир лоочун, эки лоочун, үч лоочун, андан кемисең да, ашсаң да жыдыйсың.*

ЛӨВӘ *батк.* көлмөк; *мал суw ичишке лөвә кылып койгон.*

ЛӨВӘК I *өзг.* 1. эгиндин дүмбүл тартып калышы; *өтөктөгү арпа лөвәк болуптур*; 2. *жемиштин бышайын деп калган учуру.*

ЛӨВӘК II *ал.* 1. тепши; *мен лөвәккә жем салып жатканда келди;* 2. *батк.* акыр; *атты бәйләп, лөвәккә чөп салып кой*; 3. *өзг.* койлорго туз салуу үчүн жасалган ар кыл аштоо, ноо, же кандайдыр бир тегерек буюм; *үйүң тар болсо болсун, көңүлүң кең болсун, лөвәгинди берип турчу?*

ЛӨВӘНТ *пам.* сөлдөгөй; *күйөwүң айавай лөвәнт адам экен.*

ЛӨГӨ *ош.* чөмүч сымал буюм; *лөгө менен бозо куйуп отурду.*

ЛӨГӨТ *түшт.* чөгөрүү; *алты төө лөгөткөн.*

ЛӨК *кашк.* элек; *үйдүн бурчуда лөк жатат.*

ЛӨКЛӨК *жерг.* өйдө – ылдый болуп кыймылдагандык; *лөклөк этип жатат.*

ЛӨКҮДӘН *жерг.* 1. там үйдүн эшигин ичинен бекитүү үчүн узундугу 10 – 15см. калыңдыгы 5 – 6см. келген жыгач (бул "лөкүдән" эшиктин жан жыгачына бекитилет, ал үчүн "лөкүдәндин" учу баткыдай оюк оюлат (бул сөз" лөкүлән" болуп да айтылат); 2. *ноок.* чоң кулпу; *лөкүдөндү ачып даш казанды апчыгың*; 3. *жжол.* мылтыктын затвору.

ЛӨКЧӨ *зам.* тайлак; *жетеледиң лөкчөнү, көчкөндө миндиң көкчөнү.*

ЛӨКЧӨП *зам.* каш боёгондо, кулак чукуганда бир жагына кебез ороп пайдаланылган ширеңке же чырпык талы; *лөкчөптүн бир учуга кевез орошоттор.*

ЛӨӨКҮ *алб., сейр.* мышык; *мышык да дейвиз, лөөкү да дейвиз.*

ЛӨПЧҮК *суз.* жыгачтын учуна пахта ороп, аны керосинге малып, от тутандыруу үчүн колдонулуучу нерсе; *лөпчүктү күйгүзбөй койо тур.*

ЛУК I *жерг.* чий түптөнүп, суу ичине

өсө турган, узун келип, боолукка пайдаланылган өсүмдүктүн аты; *барып бир мәйдә лук оруп кел, манавыларды бәйләп салалы.*

ЛУК II *жжол.* кулк эткизе жутуп жибергендик; *лук жутуп алып, көргөн жокмун дейт.*

ЛУКМА *батк.* тымызын сөз ташпап торогондук; *лукма тәшәвәй эле сүйлөй берсең.*

ЛУКМАН *батк.* ныкталып бир сугум кылып алынган аш; *аштан энди бир лукман алганда мәшинә келип калды.*

ЛУКМӘН *батк.* ыза, шылдың; *көңүлгө лукмән салва дә.*

ЛУКШУТ *зам.* шакел; *лукшутту ушатып жүгөрө авады.*

ЛУППИ *зам.* жумшак быртыгый кол; *Асандын колу луппи экен.*

ЛУВУ *жерг.* маш; *лувүдөн бир лукман алчы.*

ЛУЛУЛ *өзг.* үлүл; *бизде лүлүл дегенди билесизби?*

ЛУТӨРУ *лейл.* асыранды; *ого ким лутөрү эде?*

ЛУЧӘК *өзг.* өтө таттуу шабдаалынын бир түрү; *лүчәк шаптолуну лөлө балыштын жанына кой.*

ЛЫК I *зам.* жыкжыйма; *малдын эти лык.*

ЛЫК II *зам.* семиз, болук; *бу малдын гөшү лык экен дә.*

ЛЫК III *пам.* өңчөй; *лык кызылды көрүп локшуду.*

ЛЫКШЫ *ал.* 1. жыш болуп жайноо; *көчөдө кишилер лыкшып келе жататтар;* 2. быкылдоо; *көп кой лыкшып жүрөт.*

ЛЫКЫ *чүй.* соргок; мен *бышырсам, ал лыкыдай болуп жей берсе.*

ЛЫКЫГЫЙ *жжол.* лөкүйгөн адам; *Мамей лыкыгый адам болуптур.*

ЛЫКЫЙ *ал.* былк этпөө; *сен эмне эле лыкыйып уктайсың?*

ЛЫМ *жерг.* зор; *логоw пийәлә лым экен.*

ЛЫПТА *тал.* каптал жак, бөйрөк тарап; *ата журттун бир лыпта жагында жүрсөм эле таалайым ошол.*

ЛЫПЧЫ *батк.* көл – шал түшүү; *мунча ле тердеп, жүдөп лыпчыва.*

ЛЫПЫ *жжол.* кошоматчы, куу; *оо, ал жеткен лыпы.*

ЛЫПЫЛЫК *жжол.* жойпулук; *ой, сенин лыпылыгың качан койулат?*

– М –

МА I кой – козуну жемге суурга чакырганда же кармарда колдонулчу сырдык сөз; *козуну ма – ма! – деп кармаң;* **пуше, ма–ма!** жеке койду жемге чакыруу; **курой, ма–ма!** көп койду жемге чакыруу.

МА II *ал., жерг.* мына; *ма шу жер.*

МААЗУР *жжол.* кечинде чогулуп ичилген тамак; *сөз кечки маазурдө дасторкондун четинде уланды.*

МААК *батк.* эчкини тез эле өлтүрүп жибере турган оорунун аты; *маак болгон эчки чукул өлөт.*

МААКУЛ *жжол.* 1. болумдуу; *Конуштун кичи уwлу маакул бала болуптур;* 2. *баткч.* жүйөлүү; *акылдуwлар адашса, маакул сөзгө тым болот.*

МААЛАМ *пам.* ооруган жерге басуу үчүн бетине дары сүйкөп койгон чүпүрөк; *мааламды бери бериң* ("маалан" болуп да айтылат).

МААЛДУW *зам.* өз учурунда; *маалдуw кел, балам кечикпе.*

МААЛЫМАТЧЫ *ал.* арызчыл; *көп арыза бергенди маалыматчы деп әйтәт.*

МААНАЛА *ноок.* шыкаалоо; *мааналарга тешик жок, чыгайын десең эшик жок.*

МААНЕДИР *ыск.* курсагы жарылганча жеп тойгон жан; *маанедирдин маанайы жапыз.*

МААПА *лейл.* жакшылык, пайда; *ол саңа маапа кылавы?*

МААРА I *сүл.* кут; *көйнөгүң маара болсун, жанын бек болсун!*

МААРА II *тал., түшт.* ат чабышта, улак тартууда, жарышта, ак чөөлмөк же чикит оюндарында белгиленген чек; *маарага ким биринчи жетээр экен?*

МААРАГАЧ *батк.* маарак; *маарагач козуву?*

МААРАСЫМ *зам.* үй тою; *маарасым жаңы үйгө көчүп келгенде болот.*

МААРКАН *пам.* мактануу; *Әбдиләзиз өз ишиге мааркана баштады.*

МААРКАТ *алб.* маалкатуу; *мааркатпай эрте кел.*

МААСЫЛ *батк.* 1. эч жумуш кылбай эле ашка – башка жүк болгон киши; *эжекем маасыл, чач пәпиги жәшил* (таб. сабиз, кээде ал "мәәсил" болуп да айтылат); 2. *пам.* дооматчыл; *маасыл бовой жумушуң кыл.*

МАБЛАК *зам.* каражат; *колдо маблагым жетишет.*

МАВАЛА *батк.* ондоо, түзөө; *эки гәптин бирини мавалап отурат.*

МАВЛУТ *ноок.* эскиче айдын аты; *эскиче: айт айы, ар айы, курван айы, ашыр айы, сапар айы, мавлут айы, равай айы, барат айы деп бөлүнгөн.*

МАВӨРӨГҮ *батк.* мобереги; *мавөрөгү нерсени аппер.*

МАВУЗ *лейл.* жаз алды менен гүл ача турган өсүмдүктүн аты; *жазгы ачылган мавузча бир гүлдөйсүң жәйдәрим.*

МАГАМКИ *жерг.* ошондой болсо; *магамки, мен өзүм барсам.*

МАГАН *жерг.* мага, бери жакка; *маган караң, мавлутта барарыңы әйтәйин.*

МАГАР *зам., жерг.* өтө майланышкан кир; *көйнөгүңдүн жакасыны магар баспасын.*

МАГАРЛАТ *зам., карс.* кирдетүү; *кийимди магарлатканың жаравайт.*

МАГИЗЕК *алб.* көбөө; *кемселге магизек тикчү эле, азыр жоголду.*

МАГЗАВА *суз.* кир жууп бүткөндөн кийинки суу; *магзаваны нары төк* ("багзам, магызава, магзама" болуп да айтылат).

МАГРУП *батк.* керектик, пайда келтиргендик; *дәвләткә магруп бол, бовосо өтүп кетет омүрүң.*

МАГЫЗ I *зам.* 1. кийим же төшөк, килемдин жээгине бастырылган ичке чүпүрөк; *көрпөгө магыз тагайын дедим эде, бәдәним ысып турат*; 2. *суз.* көбөө; *магыз савай мааркап отурат онуң.*

МАГЫЗ II *зам.* 1. маңыз; *гәптин магызыны чыгарып сүйлө;* 2. *пам.* күр; *кум жер – шум жер, сагыз жер – магыз жер;* 3. *лейл.* өрүк, жаңгак сөөгүнүн ички данеги; *кутуча, кутучанын ичиде магыз бар*: 4. шире; *өрүктөн магыз жасадык;* ◊ **магызы ов болду** *жерг.* азап тартты, кыйналды, суу болду деген мааниде айтылчу туюнтма; **дәнәк кичине болсо йәм чагып магызыны көр** *жерг.* ар ишти чоң – кичине дебей ичин аңтара бил деген маанидеги туюнтма.

МАГЫЗДА *батк.* көрпө – төшөктүн чекесине жээк салуу; *келинивиз пухта чыкты, көрпөнүн бәәрини магыздады.*

МАГЫЗЫМ *өзг.* ачкыл; *мен магызым ичтим* ("максым, магзым" болуп да айтылат жана "сүсмө магызым, ачыма магызым"... болуп ар кыл аталат).

МАДАК *лейл.* дегеним деген, айтканым айткан; *магырыптан баш багып, машырык кетет ай менен, мадак?*

МАДАМАЙ *лейл.* балдар, койчулар таякты секиртип, кимдин таягы артта калса, ошонун топусун таяктын учу менен мадап (уруп) ойногон оюндун аты; *мадамайды чопондор, балдар ойношот.*

МАДАРА *жерг.* акыл – наасат маанисиндеги үлгү сөз; *мадара гәвиң әйтпәдиң чи.*

МАДАТКЕР *жерг.* жардам, күч – кубат бергич; *мадаткерим колдой көр?*

МАДАТТУW *батк.* күч – кубаттуу; *балам, кичине мадаттуw жүрсөң боло.*

МАДДА *батк.* 1. сапаттуу; *мадда иш кылып үйрөнсөңөр көргөн киши раазы болот;* 2. белок, витамин; *магызым четти койуп мадда бер.*

МАДДАХА *суз., эск.* жер кыдырып, чайкана, базар өндүү жерлерде эл арасында үгүт жүргүзгөн адам; *маддахалар питир чогултат* (азыр бул көрүнүш жоюлган).

МАДЫ *карс.* ургаачы эшек; *падериңди ичкир, падериңди жуткур, карма мадыны!*

МАЖАКАЙЛАН *батк.* кежирленүү; *мажакайланбай жүр.*

МАЖАКТА *батк.* майдалап керекке жаратпай таштоо; *челектеги тукумду мажактап салыптыр.*

МАЖЕН: мажен уста *пам.* майда буюмдарды (бешик, күрөк ж.б.) жасоочу уста; *үй уста, мажен уста, зер уста, кашанчы, чарыкчы деп бөлөвүз.*

МАЖНУНБЕТ *жерг.* бутактары жерге карай ийилип, жалбыректары ичке, узун келип өскөн талдын түрү; *бир дәәнә мажнунбет тиктим эде* ("мажмун, мәжмин, мажнун" болуп да айтылат).

МАЖУРТ *зам.* дан, эгин, аштык; *гәптин маңызыга түшүнсөң, шондо мажурт дегенди билесиң.*

МАЖҮГҮН *чүй.* тайкы, одоно, маданиятсыз; *тиги мажүгүн жепирейген коргонго маанектейин дегенде кармап калды.*

МАЗАКА *жумг.* мазак; *азил – мазакага алды бир – бирин.*

МАЗАКАЛА *жумг.* мазакта; *өзүңдөн улуу кишини мазакалава.*

МАЗАН: азан – мазан *батк., эск.* азан чакырылган маал; *азан – мазанда кирип бардым, аттын маңдайына ун сээп, учуктады* (илгери бул жакта

жакшы мал алыстан келгенде аны ырымдап, маңдайына ун сээп, учуктоо адаты болгон. Азыр бул көрүнүш эскирген).

МАЗМУН *ноок.* сыягы; *мазмун жетимишке тайап калса керек.*

МАЗУРЕТ *ош.* сый – сыпат, урмат; кургак мазурет деп ойлово ("мәзирет" болуп да айтылат).

МАЙА I *чүй.* кездеменин бир түрү; *майа сатып алыпсың көрдүк аны, андан көрө кошкон майдан берчи.*

МАЙА II *алб.* куулук; *майасын итке беребизби?*

МАЙА III *пам., зам.* 1. ургаачы төө; *нар, майасын издеткен;* 2. *чатк.* төө; **жел майа** *күлүк төө.*

МАЙА IV *өзг.* орто бийиктикте төрт чарчыланып үйүлгөн саман, чөп; *май атала ичип, майа үйүп киргенбиз.*

МАЙАЛМА *жерг.* оозго салганда тез жибип кете турган жумшак алманын сорту; *майалмадан жеп көрүң.*

МАЙАЖОН *тал.* кырдап, бийик, көтөрүңкү үйүлгөн сарыгыр; *чөптү майажон үйвөсө, чирип калат.*

МАЙБАШ *атб.* казанга салынган этти оодара турган курал; *майбаш темирден да, жыгачтан да жасалат.*

МАЙБОЛПОҢ *ыск.* өзү эткел, ишке чабал; *жакшы жигит элинин даңазасын арттырат, майболпоң болсо кайсы даңазаны алып келет?*

МАЙГАЛАК *зам.* казан кыргыч; *майгалакты ала гелиң, ширнеге керек.*

МАЙДАК *чүй.* майда – чүйдө; *майдак–чайдактарды чачасың, ачпа.*

МАЙЖАЛВЫРАК *алб.* өңү көк келип, далдайып чоң өскөн өсүмдүктүн аты; *майжалвырак towgo өсөт.*

МАЙЖУВАЗ *батк., эск.* 1. "ханвәзги" ойнунда чыканакты такап туруп, муш алып жазалоо түрү; *үч мәртә майжуваз алат* (азыр бул көрүнүш эскирген); 2. зыгыр, күнжүт, ж.б. май тарта турган дүкөн; *майжуваз сәәл–пәәл болсо керек.*

МАЙЕК *лейл., зам.* уялык; *окуй–кокуй деп жатып майегин тапты.*

МАЙЕТКЕ *батк.* мына бу жерге; *майетке койот* ("мейетке" болуп да айтылат).

МАЙЗАМ *акт.* көк майдан жер; *кысыл–тасыл жайык майзамды баса конду.*

МАЙКАВАК *батк.* "кабак" өсүмдүгүнөн ичи оюлуп, анан дакталган май менен майланып жасалган идиш; *майкавак турмушта май куйуу үчүн колдонулат.*

МАЙКАЙ *зам.* артына кайкаюу; *майкайбай май аталага майды көп кош.*

МАЙКАМДУУ *чүй.* көлөкөнүн эң жакшы түшкөн жери; *көлөкөнүң майкамдуу жеринде.*

МАЙКАН *пам.* майда; *ону майкан кылдым эде.*

МАЙКАНА I *ыск.* жыргал; *майкана көргөн жердин тукуму белемсиң.*

МАЙКАНА II *зам.* каймак, май жыйылган орун, жай; *ашканасы майкана.*

МАЙКӨТ *кочк.* кичинекей кооз чымчыктын бир түрү; *майкөттү орусча «синица» деп койот.*

МАЙЛА *ал.* каргаганда айтыла турган сөз; *жер майласын аңтарылгыр!*

МАЙЛАГЫЧ *тал.* маляр; *биздин айылга майлагыч келиптир.*

МАЙЛАМА *батк.* 1. илгери мылтыктын ок салгыч жерин тазалаган буюм; *майламаны ого йәм көргөзгүз;* 2. ошол майлагычты салып ала турган мүйүз идишче; *майламачыдан чүпүрөгүнү алып чыкты;* 3. *ноок.* майга бышырылган нандын түрү; *майлама жупка жаса.*

МАЙЛАШ *жерг.* майланыштуу; *бәрки майлашып турат.*

МАЙЛОW *тал.* ичине эки – үч литр суюктук баткыдай кылып жасалган саптуу темир идиш; *майлowто cyw жылыта койчу.*

МАЙЛУW *зам.* майлуу; *жол четиде майлуw кайыш* (таб. жылан); ◊ **колуң майлуw болсо – башыңа сүрт**; *зам.* ырысыңды башкага кетирбе деген мааниде айтылчу туюнтма.

МАЙЛЫ I *зам.* ун чалган каймак, май; *майлы кылып кекиликке бердим* (кээде "майлы камыр" деп айтылат).

МАЙЛЫ II *өзг.* мейли; *олай болсо майлычы.*

МАЙЛЫК: ооз майлык *жжол.* ооз басарлык; *ооз майлыкка эмне дейсиң?*

МАЙЛЫГАРА *чатк.* жалгыз өзөк алып, жүгөрү сымал эки ачекей жалбырак чыгарып, анан жалбырагы кайрылып, өзөктүн учунан ар кандай кубулма түстөгү жыттуу гүл өсүп, түбү сүйрү келген, кат – кат кабык алган, көбүнчө май айында күңгөйгө чыккан өсүмдүктүн аты; *майлыгаранын түбүн сүткө бышырып жесе болот.*

МАЙМАЙ *чүй.* мышыкты тамакка мыёлогондо айтылуучу сырдык сөз; *маймай – маймай, бу эмнеси, келвейт ко мышыгыңар.*

МАЙМАК *тал.* 1. төөнүн бутунан баса албай калган оорусу; *төw маймак болсо, эч нерсеге жаравай калат*; 2. *алб.* чорчоюп, ийрейип калган туяк; *маймак буттуу эчки да бар.*

МАЙМУРУН *кочк.* эми тестиер болуп, бирок али аки – чүкүнү көп биле элек бала; *эң улуусу маймурун, сары чийкил бала.*

МАЙМЫК *пам., батк.* кыйшык; *бар owзу маймык деп күлөр эде.*

МАЙМЫН *зам.* маймыл; *жаман адамдын жалаасы тийет, маймын менен маймыктын бәләәси тийет дептир.*

МАЙМЫНЖАН *лейл.* кара бүлдүркөн; *майланышып маймынжан жеп жүрөвүсүң?*

МАЙМЫҢ *батк.* майпаң; *о маймын кетиватат.*

МАЙМЫҢДА *батк.* "маймың" этүү; *маймыңдап жүрөт.*

МАЙМЫШ *чүй.* 1. мышык; *маймыштар жүрдү мыйоолоп;* 2. мышыкты чакырууда колдонулуучу сырдык сөз; *маймыш—маймыш!*

МАЙМЫШТА *чүй.* мыёолоо; *маймыштап мышык чакырды.*

МАЙНАВАЗЧЫЛЫК *зам.* маскарабозчулук; *мазекелевей иш кылчы, майнавазчылык кывачы.*

МАЙНАП I *чүй.* туруксуз; *эркектердин шыпырылма майнавы.*

МАЙНАП II *өзг.* пайда, маани; *алгылыктуу майнап оңой менен чыкпады.*

МАЙО *пам., миф.* умай эне; *бизде майо же майо эне дейт* (бул атоо жаштарга түшүнүксүз).

МАЙПА *лейл.* эндик, упа; *майпа сүртөт бетиге.*

МАЙПАРЧЫЛЫК *ыск.* майпардык; *майпарчылыгы орозонун салакасынан калды.*

МАЙРАК *тоң.* маарак; *эчки майрак илгери Айдың – Көлдө көп болчу эле.*

МАЙСА I *батк.* жаз алды менен көгөрүп өсүп чыккан эгиндин көгү; *жазгы эгиндин майсасы жакшы болуп өсүптүр* ("майсан, майсаң" болуп да айтылат).

МАЙСА II *пам.* жаз алды менен келүүчү канаттуунун бир түрү; *майса деген учкул келет;* **кекире майса кywрады, чөлдө ботом cywсады** күүнүн аты.

МАЙСАЛ *тыньш.* көгөрүп өнүп чыгуу; *сууга чыгат майсалып.*

МАЙСОРУ *карс.* ак кол, жалкоо чалыш; *эх, сен майсору, гәп ургаңыңды көр.*

МАЙТАВАК *батк.* жыгач табактын бир түрү; *гәпкә жәрәшә гәп айтпаса, гәптин атасы өлөт деп, майтавакты лактырып жүтөрдү.*

МАЙТАЛКАН *тторо.* өзөгү ичке сабактуу келип, бутактары да, жалбыректары да мандай – тескей орун алып, чанак байлап, чанактын ичине тобу түйүлүп, сары гүл ачкан өсүмдүктүн аты; *майталкан саздуу жерге, суу бойлоруна чыгат.*

МАЙТОЛТО *пам.* койдун майына ун кошуп кайнатып, тузун бир аз татытып жасаган тамак; *кызыл кийиктей жылаңач бовой майтолто жейли.*

МАЙТОМОР *пам.* сызгырган май; *майтомор кывасаң кандын алдыны тазала дейт* (жаза берет).

МАЙТЫЙ *суз.* майрыюу; *майтыйып – чойтуйуп калыптыр.*

МАЙТЫК *түнд.* буту майрык, ийри адам; *ап бали, майтыгым, эми келдиңби?*

МҮЛЖҮН *жжол.* бир нерсенин чети кетилип, тытылып калуусу; *саргарып эскирип, чекелери мүлжүнүп жыртылган китеп экен.*

МҮЛК I *жжол.* товардын аты; *жай кийгенин мүлк эле.*

МҮЛК II *түшт.* тиштин бүйлөсү; *карынын сөзүн капка сакта, өлүгүн аптa сакта деген, тишиндин мүлкүн канатпай ук.*

МҮЛКӨК *батк.* гүл тажысы, калакчасы да бар, чанагы иймекей узун, агыш гүл алган, даны тоголок болуп, эки учу бир аз жалпак тартып, көп түшүм берген өсүмдүктүн аты; *мүлкөктүн: ак мүлкөк, көк мүлкөк деген эки түрү болот.*

МҮЛКҮЙ *ал.* барпаюу; *мүлкүйгөн тырмактары бар экен.*

МҮН I *чүй.* бир нерсенин жетишпеген жери, кемтиги; *жүк жүктөвө торпокко, жолдош болво коркокко деп жүрүп мүнүн толтурвады.*

МҮН II *тал.* док, айып, күнөө; *экөwүң тен ага мүн койуп турусуңар.*

МҮНКҮН *батк.* мүмкүн; *мүнкүн Манастын күнбөзү чыгып калышы.*

МҮНӨГҮ *алб.* мына бу; *мүнөгү көрүнгөн мал го?*

МҮНӨСӨ *лейл.* ынтымак; *мүнөсө деген жакшы нерсе.*

МҮНӨТ *ал.* чукул; *мүнөт–мүнөт жерде ле түлкү.*

МҮНӨШКӨР *тяньш.* мүнүшкөр; *мүнөшкөрлөр абдан көп.*

МҮНСӨ *түшт.* мүрзө; *мүнсөсүнө бычак сайып кел деген* (илгери эрдикти сыноо үчүн айсыз караңгыда жигитти алыстагы мүрзөнүн бирөөнө жалгыз жиберип андагы бир көргө бычак сайдыруу салты болгон. Азыр бул көрүнүш эскирип жоюлган).

МҮНТӨЛ *ал.* зарыгуу; *мүйүзегини кайрып кой, мүнтөлүп отурбай.*

МҮНҮСӨК *зам.* өлүк учурунда гана кийиле турган кара кийим; *мүнүсөктү өтө жакын кудасы апкелет* ("минесек, мүнсөк, мүрсөк" болуп да айтылат).

МҮҢДӨW *жерг.* жылкынын эки далысынын орто жериндеги териси; *мүңдөw деп жылкыга карата әйтәт.*

МҮҢКҮР *батк.* 1. осол, уят; *таап бере алвай мүңкүр болдум*; 2. терс аяк; *мүңкүр болсо кантесиң*; 3. *жерг.* тилазар, айтканга гана уста кыйык адам; *сен шуну айтканга эле мүңкүрсүң да.*

МҮРӘППӘ *батк.* варенье; *мүрәппәгә бети менен түшө калды* (үйрүлүп жакшы көрдү); сабизден туурап, анан бир аз сууга аны шекер кошуп, кайнатып жасаган варенье.

МҮРГҮ *кочк.* курчтук; *көзүнүн мүргүсү кетип, чычаладай кызарып калыптыр.*

МҮРДӘ *пам., жерг.* 1. өлүк; *мүрдәни жәйгә койушту*; 2. *өзг., тал., зам.* мүрзө; *чогулуп мүрдәгә бардык.*

МҮРДӨМ *тал.* буйдам; *мүрдөмгө келвей сувга аралашып жок болду.*

МҮРӨ *ал.* ийин; *оң мүрөгө тагынат.*

МҮРӨГҮ *өзг.* мүргүү, мүдүрүлүү; *тилиңден мүрөгүсөң кайра туруш кыйын.*

МҮРӨК *кочк.* тукум; *малдын мүрөгүн соолтпо.*

МҮРӨӨН *жжол.* арбын, мол; *аты улук, супрасы курук болсо, эмнеси мүрөөн болот;* **ак мүрөөн** айран, сүт, май, эжигей ж.б. тамактардын жалпы аты; *жылдагыдай ак мүрөөн болсо.*

МҮРӨӨНДӨТ *жжол.* арбытуу, көлдөтүү, көбөйтүү; *тамак-ашты мүрөөндөтүп живерди.*

МҮРТӘВӘ *батк.* каада; *мүртәвәсини ле келтирет, билвеймин канчалык кылат.*

МҮРҮЛ *чүй.* бүрүл; *эртең менен таңдын мүрүлүндө.*

МҮРҮШКӨР *түшт.* мүнүшкөр; *мүрүшкөрдүн кәсиви зор.*

МҮСӨӨРӨТТӨ *акт.* кынаптоо; *жылчыкты кыш менен мүсөөрөттөп чыкты.*

МҮТӨЛ *жерг.* тарткынчыктоо; *ниме мүтөлүп турасың?*

МҮТӨТ *жерг.* 1. тарткынчык; *"чычкан ийниге сыйвай көчүгүгө калвыр байлайт" деген, мүтөт кылсаң боло;* 2. опурталдуу; *мүтөт иш болсо, барвайм.*

МҮТҮ *зам.* көз каранды; *ар элдин рәсмине мүтү болосуң.*

МҮЧӨ: жаза-мүчө *тал.* жаза-буза; *бирин-бири жаза-мүчө муштады.*

МҮЧҮТ *чүй.* мүчүлүштөнтүп жеткирбей коюу; *ишти мүчүтүп койгонун кийин сурадым.*

МҮШКӨТ *ноок.* кашек, шакел; *мал жевеген мүшкөтүн чогулт.*

МҮШКҮЛ *ал.* "эки үздүw, дүрүйә, тепчиме" деген өңдүү ар кыл көчөт, кеште, саймалардан турган орнаменттин жалпы аты; *кыздарга мүшкүл сайдырып сынашкан.*

МҮШКҮЛКҮШӘТ *суз.* ыс чыгаргандык; *мүшкүлкүшәт кылыптыр.*

МҮШКҮЛӨҢ *зам.* сайма, кештенин бир түрү; *мүшкүлөң кечтеп аштаган ийнең бир болсом дечү эдем.*

МҮШӨК *жерг., эск.* бир жашка чыгып калган баланы отургузуп, тегерегине орок, балка; китеп, мылтык, ж.б. коюп, төбөсүнөн буудай чубуртуп жиберип, анан бала эмне кармаса, ошого карата келечекки кесибин болжолдоо жөрөлгөсү; *тиши чыккан экен мүшөк бериптир* (азыр бул көрүнүш эскирген).

МҮШӨЛ *түшт.* уу чөп; *онон бери үй тиричилиги, мүшөлгө бара алвадым.*

МҮШТӨК I *түшт., жерг., лейл.* 1. тегирменге эгин салдыруу үчүн алынган кезек, ирет; 2. бир пуд өлчөмүндөгү эгин; *мүштөккө барып кел.*

МҮШТӨК II *лейл.* ышкырык; *мүштөк чалганнан кийин так токтойт.*

МҮШТӨТ *батк.* тегирменге тартылган ун; *чыпта капта мүштөт ун бар.*

МЫГЛАЖДА *өзг.* эзип уруу; *жини келсе мыглаждайт.*

МЫГЫРЕК *батк.* устундун башына кагылган чеңгек; *ону мыгырек деп да, мыргек деп да айтат.*

МЫДЫ *ыск.* жакын эле жерден чүкөнү шар чертпей, акырын атам деп жаңылуу; *жакындан эле мыдып калды.*

МЫДЫКЕЙ *ыск.* чүкөнү мыдып атып үйрөнгөндүк; *мыдыкейиң кармабасын, жакшылап ат.*

МЫДЫР *кочк.* кыбыр эткен мал; *кармаган мыдырын бүт сатты.*

МЫЖЫГОW *батк.* мыжыгый; *кайта–кайта сүйлөгөн мыжыгow экен.*

МЫЖЫК: тетири мыжык *жерг.* "жалчыман, чаңгәли" деп аталган тамактын экинчи бир аталышы; *нанды таваkка tywpan, үстүгө сары май куйуп жесе, мыжык дешеттер.*

МЫЖЫКМА *алб.* майга нан туурап желе турган тамактын аты; *ушул мыжыкма азыр калып кетти.*

МЫЖЫКЫС *чүй.* мыжыкый; *мыжыкыс киши окшойт.*

МЫЖЫН *кочк.* өзүнөн өзү кыжыры келип кектенүү; *колго түшүрсөм, оң таптырвайм деп мыжынат.*

МЫЗГЫ *өзг.* чырым этүү; *Батма эне мызгый кетти.*

МЫЙА *ыск., чүй.* эликтегенде жооп берилүүчү сырдык сөз; *ыйа–ыйа дейсиң, ыйаңа мыйа.*

МЫЙАЗ *ыск.* пияз; *мыйаз отогонумду айтып берейин.*

МЫЙАКТА *жжол.* быякта; *авамдын үйү мыйакта.*

МЫЙМАНДАРЧЫЛЫК *жерг.* өлүк коюлгандан кийин анын тууган–туушкандарын тамак менен сыйлоо көрүнүшү; *балдар мыймандарчылыкта калды.*

МЫЙЫҢДА *батк.* күбүрөп–шыбырап бир нерсе айтуу; *сен мыйыңдап ого нелерди әйттиң?*

МЫЙМЫТ *ыск.* 1. жайдын күнү калың куурайдын арасында учуп–конуп жем терип жан сактаган эң кичине боз чымчык; *мыймыт деп кичинелигине карай айтса керек;* 2. көзү – башы кичине, жаак териси жука көзү кыбындак, чүлжүгүй кичине киши; *Касым мыймыт кайда жүрөт?*

МЫЙРЫГЫЙ *ыск.* бир аз мыйрыйган нерсе; *көзүнүн жашын мыйрыгый манчасы менен сүрттү.*

МЫЙТЫҢ *батк.* тиши жок адамдын ооз кыймылы; *күндүн ыстыгыда канашырап зорго келсе дә, мыйтың этип чәйнәп жатат.*

МЫЙТЫҢДА *батк.* мүлжүндөө; *мыйтыңдавай тезирээк же.*

МЫЙЫК *ыск.* кулактын үстү менен чыкыйдын орто жери; *мыйыктын түшү деп тартып жиберди.*

МЫК *ал.* 1. козулардын денеси кызарып, чоң–чоң жалпак бүдүр болуп чыккан оорунун аты; *козу мык болсо, кырк шиш сайып дарылаган:* 2. *жерг.* көздөгү кал; – *көздүн оносунуву?; –онусуну мык дейвиз:* 3. канаттуунун текөөрү; *чөжө короз босо, мыгы бовойт;* **кара мык** 1. майда кара бүдүр алуучу өсүмдүктүн аты; *кара мык өсчү эде, көрүнбөдү дә;* 2. денеге темгил–темгил болуп түшүп, учу карарып бүдүрлөнүп чыккан оору; **көр мык** чолок, мукур текөөр; *бирөрги кекиликте көр мык болот;* **параң мык** *өзг.* чоң, бөрктүү, 15см. мык; *параң мыкты таппай койдум.*

МЫКРАЗ *батк.* кайчынын бир түрү; *сары сәвилди мыкраз менен кессе боло веде?*

МЫКРАЛ *батк.* анык, так; *балдар менен сүйлөшүп, мыкрал кылып койдуңбу?*

МЫКТАЙ *суз., лейл.* мыкты, эң сонун; *ал–ахвал мыктай.*

МЫКТАМА *өзг., ноок.* мык кадалган, мык менен бекитилген нерсе; *мыктама ээр–музоосунун же төөнүн териси каптальп, майда мык менен шыдырата кагылган ээр.*

МЫКТЫКЕЙ *суз.* эң мыкты, мыкчегер; *пахтанын мыктыкейлери.*

МЫКЧА *жерг., зам.* 1. мык сымал; кичине гана сандыкча, ичи толо мыкча (таб. ширеңке); 2. *терг.* жаңгактын сөөгү.

МЫКЧЫЙ *тал.* быкын; *мыкчыйыңа кол тыкпа.*

МЫКЧЫМАЙ *суз.* жаш балага кол менен майга мыкчылып берилген нан; *биздин мыкчымайды кээ жерде жаткан төw дейт экен.*

МЫКЫЙ I *жерг.* кыргыйдын эркеги; *Мәдәли ава мыкый кармаган.*

МЫКЫЙ II: мыкый жилик *жерг.* күң жилик; *маңа мыкый жилик тийди.*

МЫКЫМ *жерг.* сараң, битир; *мыкым адам экен.*

МЫКЫР *батк.* бирөөнү жактырбаган ичи тар; *мыкырды ким жакшы көрөт.*

МЫКЫХАН *батк.* күң жилик; *мыкыхан бервейт, озур көрвөйсүң дейт.*

МЫЛГЫТ *батк.* жашыруу; *биздеп ойуңду мылгытпай эле айта бер.*

МЫЛЖЫК *жжол.* бир нерсени, ишти шарт чече албай ыргылжың болгон адам; *а Асан мылжыкпы бу?*

МЫМГИЛӘ *жерг.* сыя түстүү гүл ача турган өсүмдүктүн аты; *Айша мымгиләгә кызыгып карап турду.*

МЫМЫЙ *ал.* кыйтыюу; *мымыйып тамак ичпей отурду.*

МЫНААПЫК *ал.* уятсыз; *мынаапык адам бово.*

МЫНАГОГУЛ *жжол.* мына бул; *мынагогул жигиттин жамандыгы – айта алвайт жиптирдин бир – экисин.*

МЫНАГУ *өзг., жжол.* мына бу; *мынагу бир момун адам* ("мынагы, мынавы, мынавыл" болуп да айтылат).

МЫНАДАКА *батк.* мындай; *мындака оромол түк жок.*

МЫНАЙЕК *тал.* бул жак; *булар биздин мынайекке көчүп келишкен жатыры* ("мынайак" болуп да айтылат).

МЫНАЙЕТТЕ *батк.* бул жерде; *мынайетте узун сай, уруглар бар.*

МЫНАЙЕР *өзг.* мына бул жер; *мынайерге койуп койуң.*

МЫНАНДАКА *батк.* мындай; *мынандака тура турчу.*

МЫНАПЫК *пам.* кургур, соолгур; *сен мынапыксың* (балдарга, көбүнчө жетим балдарга айтылат).

МЫНДАКАЙ *чатк.* мындай; *мындакайды окуган деле эмеспиз* ("мындака" болуп да айтылат).

МЫНДАЛЫ: андалы – мындалы *тал.* анда – мында; *андалы – мындалы болвой бир жерге жашайвыс.*

МЫНЖЫ *батк.* чолок; *мынжы – мынжы, мынжы бол.*

МЫНЖЫҢДА *батк.* чолтоңдоо; *әй жинди – тентек, мынжыңдай берве.*

МЫНЕТ бу жер; *мынетти пешәйвән дейвиз.*

МЫНТЫК *зам., жжол., тал.* мылтык; *тәңгедей жерге күн тийвес* (таб. мынтыктын owзу) **мынтык жолдон чыкты** *жерг.* ок түз тийбей, тийсе да айбанды өлтүрө албай калышы (мында мылтыкты ар кыл түрдүү ырымдаган).

МЫНЫ *жерг., пам.* муну; *мыны не кыласыз?*

МЫНЫЙЕР *суз.* мына бул жер; *мыныйерге төшөк салып бер.*

МЫҢ: мың – мың *жетг.* мурду бучук адамдын сүйлөгөнүн тууроо; *мың – мың эткен мындайча.*

МЫҢК *жжол.* былк этпей, үн чыгарбай тынч тургандык; *сыпайлар мыңк этпей карап гана турушту.*

МЫРГ *жерг.* тоок; *мырг әжәп көп, сенен – сәләм, менен – әлик.*

МЫРЗА *түшт., эск.* 1. катчы; *саваты бар кишини мырза деген*; 2. *жерг., тар.* алык – салык иштерин учетко алып, көчүрмө, катчылык ишти

аткарган адам; **мырза балык** *ноок.* окунь сымал келген балыктын бир түрү; *мырза балык, лака балык, ит балык бар.*

МЫРС *жжол.* бырс; *мыскылдап мырс күлүп койду.*

МЫРЫЙ: мырый – мырый *жерг.* оюнда жеңилген тарапты эликтөө үчүн колдонулчу сөз; *мырый – мырый, жеңди! – деген үн угулду.*

МЫСКА: кара мыска *өзг.* чимейилдин бир түрү; *чыныга кара мыска түшүп кетиптир.*

МЫСТАКАМДА *жерг.* бекемдөө, бышыктоо; *мыстакамдап салган эде.*

МЫСЫРА *зам.* бир сабак ыр; *мысыра – мысыра ыр ташта.*

МЫТАК *пам.* күрүчтөн тузу жок жасалган тамак; *мытак жасап жүтөрсүн.*

МЫТЛАК *батк., зам.* түк, такыр, эч убак, эч качан; *сүйлөп эде жатасың, мен мытлак түшүнбөдүм* ("мутлак, мутлака" болуп да айтылат).

МЫТЫМАЙ I чүкө ойнунда мытып атуу ыгы; *мытымайыңды койуп жөн ат.*

МЫТЫМАЙ II *атб.* жаңы бышкан нанды майга туурап, ага май, кумшекер кошуп жеген тамак; *мытымайды ак майга үсүп кошову?*

МЫТЫРАҢ: мытыраң – мытыраң *кочк.* тыпыр – тыпыр; *менменсиген курч аттар мытыраң – мытыраң этип төрт айагы тывырап калды.*

МЫХБАРДА *зам.* өлчөмдө; *тамам эле таарына берве, мыхбардасыны йәм билип жүр.*

МЫЧАК *ал.* мактанчаак, өпкөсүн көтөргөн; *ким көп эле өпкөсүн кaкса мычак дейт.*

МЫЧКЫМА *тал.* жаңы каймакка ысык нанды майда туурап мычкып жей турган тамак; *ысык мычкыма жейвиз.*

МЫШ *жерг.* чычкан; *дувалда мыш бар, мыштын кулагы бар.*

МЫШАЛ *өзг.* майда кара урук алган, чырмоок сымал бир – бирине оролушуп өскөн өсүмдүктүн аты; *мышалдан кошуп талкала.*

МЫШГӨТ *зам.* тамырынан тоголок "маңыз" алып өсө турган өсүмдүктүн аты; *мышгөттүн маңызы жерде болот.*

МЫШМЫЛ *түнд.* чочуу, жактырбоо сезимин билдирүүчү сырдык сөз; *эмне болмок эле, мышмыл.*

МЫШТА *жерг.* муштоо; *так дәлигә мыштады.*

МЫШЫКЧӨП *суз.* кичирээк келип, буудай сымал болуп өсүп, дансыз баш алып, түктүү болуп өскөн өсүмдүктүн аты; *балдар мышыкчөптү алаканыга койуп алып, пиш – пиш деп ойношот* ("мышыкот" деп да аталат).

– Н –

НА I *тал.* эмне; *очон–чычан ойносо, на болот?*

НА II *жерг.* же; *на өзүгө кылат, на бирөөтө кылат;* ◊ *на дан, на саман* болсо ок, болбосо жок.

НААВАТЫ *түшт.* коондун даамы таттуу, тоголок сары келген бир түрү; *ол коонду наааваты дейт, үкәм!*

НААЗЫ: наазы–пырак *батк.* назданган кылык, жорук; *сенин наазы–пырагың өттү.*

НААКЫЛ *лейл.* осуят, үлгү сөз; *наакыл уксаң, семирип каласын!*

НААЛ *батк., жерг.* жаш көчөт; *наал алып келип эктик эде, энди зоройуп өрүк болуп калды.*

НААЛА *батк.* 1. жалынып жалбаргандык; *наала кыган экен, кайтып келди;* 2. кейип арыздангандык; *нааласы жеткен экен, жакында бошоду;* 3. *жжол.* онтоп, ыйлап – сыктап кыйналгандык; *кимдер угат ал жерде нааланды?*

НААЛАТЫ *түшт.* кудай каргагыр; *наалаты, ондойго ажал жок.*

НААЛГАР *батк.* такачы; *наалгарга бара кой, дәрөw уруп берет.*

НААЛЫК наалуу; *сый билбегенге наалыгам.*

НААЛЫШ *жжол.* жалынып – жалбаруу; *наалыш кылып кылжыңдап, зикир чалба.*

НААМА *түшт.* музыка; *наама уксаң, кантет элең?*

НААМАРТ *түшт.* 1. коркок, жүрөгү жок; *өзүң качып келген наамарт эдең дейди;* 2. эки жүздүү, митаам, карасанатай, шерменде, жүзү кара; *куру бекер жинденген наамарт эде.*

НААМАЧЫ *түшт.* музыкант; *наамачы кайда, мен кайда?*

НААМГУЙА *өзг.* чыгаан күлүк; *аты чыккан наамгуйа аттар.*

НААПРУШ *өзг.* балбан; *менин агам наапруш болгон экен.*

НААРДУУ *өзг.* нур жүздүү, келишимдүү, сулуу; *наардуу бетинен бир өпсөм, мен ыраазы.*

НААТ *кочк., суз.* бош, тек, кур; *бир да сөзүн наатка кетирвей тыңшады.*

НАВ I *пам.* күмүш, коргошун эрите турган кичине идиш; *"нав" деген сөздү силер билвейсиңер, ого күмүш эрийт.*

НАВ II *жерг.* ноо; *кишиге кара жер–ай, навга суw жүргөн жер–сай* ("нава" болуп да айтылат).

НАВ III *суз.* өмүр, тиричилик; *жарык күндүн нурунан нав алган.*

НАВ IV *жерг.* жаңы, жаш; *мектепке бир нав агай келиптир.*

НАВА: нарк–нава *жерг.* баа; *татыңдын нарк–навасыны әйт.*

НАВАДА *лейл.* 1. мүмкүн, балким; *навада бул мәшин барып калар;* 2. *батк.* эгерде; *навада мен келвей калсам, кете бергин.*

НАВАЙЫН *ал.* ажырашып кайра кошулган жубай; *навайын келин экен.*

НАВАК I *жерг.* жыгачтан жасалган тепши сымал идиш; *суwду навакка куйуп кой.*

НАВАК II *лейл.* чоркок; *ол өзү навак .*

НАВАП *батк.* 1. болбогон, жаман; *эй, навап әй!;* 2. начар, эскилиги жеткен, ишенимсиз, бош, бошон; *бу жыгачтан үй салышка бовойт, навап жыгачтар экен;* 3. катаал, татаал; *Зардалынын жолу навап;* 4. маңыз; *навап сөздүн магызыны чага веде?*

НАВАТ *түшт., өтм.* жаракалуу, кырдуу кара таш; *нават сыйактанган кара ташты нават дейвиз.*

НАВАТТУУ *өзг., атк.* жылдыздуу,

иреттүү; *наваттуу айалдар эртесинде эле билип койушту.*

НАВЫТ I *жерг., өзг., суз., лейл.* 1. курман болгондук, көз жумгандык; *көп адам навыт богон экен*; 2. майып болуу, жапа чегүү; *сел жүрүп навыт болгон* ("навут" болуп да айтылат).

НАВЫТ II *жерг., эск.* алык – салык; *чындап ыйласа, сокур көздөн жаш чыгат, навытты төлө дептир* (азыр ал атоо жоюлган).

НАВЫТТА *жжол.* жоюу, жок кылуу; *илгери – илгери бир кыйласы навыттап кетет.*

НАГАЙВЫЛ *батк.* белгисиз, күмөн; *келиши – келбеси нагайвыл.*

НАГАЛ *батк.* така; *бир жолу ле нагал кактырып келди.*

НАГАРА *батк.* музыкалык инструменттин бир түрү; *тәги – нагара, үстү – тагара, кырк миң чечек бир гүлү ләлә* (жер, асман, ай, жылдыз); ◊ **алдын өзүң бак, кийин нагара как** *жерг. өз боюңду кара, анан тыңсын* (мунун "әвал өзүңдү кара, онон нагара как" деген варианты да бар); **тойдон кийин нагара** *той болор, тойдон кийин анын эртеси да болор, ашуудан өткөндөн кийин оо дегениң курусун.*

НАГМА *зам.* ышкырык; *тойдон чопондун нагмасы угулат*; ◊ **нагма десең эски гәп, номер десең жаңы гәп** *жерг.* тамаша иретинде айтылган туюнтма.

НАГЫЗ *жерг.* жагымдуу; *бүгүн күн нагыз болуп ачылды.*

НАГЫРА *пам.* 1. өтө майда; *нагыра кумга чейин барып келдим*; 2. *батк.* арык, чабал; *нагыра болуп кетипсиң.*

НАДУРУС *жерг.* дурус эмес; *нарк – навасы арзан, эгеси надурус.*

НАДЫР *зам.* табылбас; *ондой надыр киши кайда?*

НАДЫРМАКУЛ *батк.* бардык эле сөзгө ынана бергендик, ишенчээктик; *буга йәм надырмакулвусуң?*

НАЖАЙ *пам.* жайсыз, орунсуз; жымыкка нажай экен деп рәйис тек койдугочу.

НАЖЫР *пам. эск.* мурункуча апрель – май аралыгындагы учур, ай аты; *бирдин айыдан кийин нажыр, одон кийин чын куран...*

НАЗ *тал.* каамыттын алкымына орнотулган чынжыр; *каамыттын назын кыска тарт.*

НАЗА *ал.* таарыныч; *назасыга калса, Жума калды.*

НАЗАК *батк.* айың сөз; *кыздарым, элге назак болбогудай окугула.*

НАЗАР *батк.* 1. даам таткандык, ооз тийгендик; *назар кылып кой*; 2. сук, обор; *назары ачтан сакта*; 3. чын көңүлдөгү ой, ниет; *ата назары – ок, эне назары чок*; **үй назар** *пам.* үйгө байыр, үйгө көп каралашкан киши; *жакшы бала үй назар, жаман бала дәрвәдәр.*

НАЗАРЫМ *жерг.* сыягы, шекилдүү; *назарым, бу үйгө миймән келсе керек.*

НАЗАРЫМДА *жерг.* мүмкүн; *назарымда, кетсе керек.*

НАЗДА *чүй.* жактыруу; *көңүлүмдө наздадым.*

НАЗЫРКА *батк.* 1. тоотпоо, жактырбоо, көңүл койбоо, чануу; *өзү менен кавары жок эле ону назыркайт*; 2. *алк.* эркелөө, ынгырануу; *кээде назыркап каласың да.*

НАЙ I *зам.* 1. узундугу 50 – 60см. келген, үч көз чыгарылган, чогойно – балдыркан сыяктуу өзөгү көндөй өсүмдүктөрдөн жасалган, кашка тиш менен кыл кыйманын ортолугундагы тишке такалып тартылган музыкалык аспаптын аты; *най менен ормотой, найча бел, курей – курей, курей мәст деген күүлөр тартылат* ("найы" болуп да айтылат); 2. *суз., өзг.* түтүк, керней, канжа, мүштөк; *бири – чылым,*

бири–най; 3. *лейл.* мылтыктын стволу; *онун кош най мынтыгы бар* (кош ней мылтыктын стволунун бири сайлуу, бири сайсыз болгон); 4. *жерг.* ооздун эки жагына эки колдун башын түтүкчө кылып кыйкыруу; *колун най кылып кыйкырды;* 5. *өтм., лейл.* ичи ичине кабырылып, өтө ач болгон мал, адам; *и, балам, овкат жевей ичиң най болуптур.*

НАЙ II *тторо.* жүз кг. өлчөмүндөгү салмак, оордук; *бир найдан таруу актадык.*

НАЙВАТ *түшт.* сүйменчүк; *ол баарыдан найват мээлим* ("нәйвәт" болуп да айтылат).

НАЙЗАГАЙ *чүй, сейр.* чагылган; *эй, сакалың кырклган найесеп найзагай түшсөчү саа!*

НАЙМ: найм–найм *түнд.* жаш баланын нан чайнашы; **найм–найм боорсок** какымды оозго салып, ачалантып түрүлткөн, оюн (майда балдар жазында какым гүлдөгөн кезде ойношот); *найм–найм боорсок, какым терип ойносок.*

НАЙМАНЧА *жерг.* 1. улак тартканда улакты жапма кылып, эки шыйрагын үзөңгү боодон (улакчынын өзү) ичине кайрып, эки шыйрагын сыртына чыгарып коюп тартышуу ыгы; *бизде найманча, такым, жапма, баканча, тизгин деген ыктар бар улакта;* 2. башы туюк ээрдин бир түрү; *казак ээрди найманча деп да аташкан.*

НАЙНЫК *батк., пам.* алжырап, алжып өйдө – төмөн сүйлөгөн; *көп тийишпе, э, найнык, найныктавай өл ээ.*

НАЙПАР *жерг., батк.* майпар; *найпарга жолуксаң ойогуну не кыласың.*

НАЙРАЗЫЛАНТ *атб.* нааразылантуу; *найразылантдай берсеңчи береринди.*

НАЙРАНБОЗ *түшт.* көз боочу; *көз байлаган найранбоз адам энди жок.*

НАЙРЫК *пам.* тантык; *Орозбай найрыктын эштекеде иши жок.*

НАЙРЫҢДА *пам.* тантуу, келжирөө; *ол дагы нимне деп найрыңдап жатат эке?*

НАЙСАП I *батк.* насип; *бай найсавы ырайымсыз.*

НАЙСАП II *ноок.* жеткен кара мүртөз; *а жанагы найсап жыт искеди.*

НАЙҮМҮТ *түшт.* максатсыз, үмүтсүз; *найүмүт неме да.*

НАЙЧА *пам.* кеп такыяга тагыла турган, баш – аягы тоголок, жогор жагы ичке, түп жагы жоон келген көндөй күмүш кооздук; *келиндердин чачбагыда хадим найча болор эле.*

НАЙЧАГҮЛ *жерг.* 1. тоголок гүл ала турган өсүмдүктүн аты; *нава менен тегирменге суw кеген жерде найчагүл өсөт;* 2. ошол гүлдүн түшүрүлгөн сүрөтү, элеси, кеште; *найчагүл түшүрсөң, уваран.*

НАЙЫН *тал.* 1. назик, жумшак; *найын кестеме экен го;* 2. *алб.* жылма, тегиз; *найын кылдын ыргагын угушпаган экен;* 3. тозоң, тоскок; *найын ундун наны, кәсәл уйдун майы* ("нәйин" болуп да айтылат).

НАЙЫП *жерг., эск.* илгери алык – салык чогулткан адам; *ол вакта найып болуп иштеген экен* (азыр бул атоо эскирген экен).

НАКААН *ал.* кээ бир; *накаан–накаан гана таштардын төвөсү көрүнөт.*

НАКАВЫЛ *батк.* элпек эмес, жалкоо; *өдө кәпилини агансып накавыл.*

НАКАЙ *тяньш.* нак, анык, накта; *накай чын кеп экен.*

НАКАЛ *жжол.* макал; *накалды аз билем.*

НАКАТ *батк.* өтө, абдан, аябай; *эң кәттәси накат баасы жок адам экен.*

НАКЕРЕК *лейл.* керексиз; *накерек кагаз көп экен.*

НАКТАЙ *пам.* накта; нактай жүндөн жасалат.

НАКУЛАЙ *зам.* 1. ыңгайсыз; *оновунун пәрәндәни уштаганы накулай*: 2. таштак; арык, кумдуу жер; *ондой жерди накулай дейвиз.*

НАКҮШТӨ *түшт.* сүткор; *накүштөгө карыздар болбо.*

НАКЧЕГЕР *жерг., пам.* от кычкач; *накчегер менен чычаланы чогултавыз* ("накчигер" болуп да айтылат).

НАКШЫ *жерг.* 1. сонун, кымбат, кооз; *адам бардыр адамдардан накшыдыр, айбан бардыр айвандардан жакшыдыр*; 2. сүрөт, оюу – чийүү, сызуу; *ак кагазда накшы бар*; 3. *пам.* сыя; памирдик кыргыздар сыйаны "накшы" дечү эле; **накшы байза** *жерг.* темирге түшүрүлгөн кештенин аты; *мына накшы байза деген шул;* **накшы гулхән** темирге түшүрүлгөн сайма – оймонун аты*; накшы гүлхән онусу.*

НАКШЫЛА *пам.* гүлдөө, түрлөө; *кызыл гүл салат, накшылайт.*

НАКЫШ *батк.* сайма; *накыш берип тиккен сенин көйнөгүң, азап болду сени барып көрмөгүм.*

НАКЫШТАЙ *жерг.* ар кыл темир буюмдарга түшүрүлгөн оюу, кооздук, гүл кештелердин жалпы аты; *накыштай түшүргөн усталардын аттары, санасы (жылы) жазылган.*

НАЛА *зам., эск.* 1. наалып арыздангандык; *баш оwруду онун наласыдан*; 2. ый – муң, сураныч; *жоwго алдырсаң – өзүң кул, катыныңтул болот экен деп нала кылгандар* (азыр бул сөз эскирген)

НАЛЫШ *түшт.* наалыгандак; *жаратканга налыш айтып жаткан эле.*

НАМ I *батк.* осол, өөн; *кокус күлүп жүгөрсөң, ол нам тартып кавасын.*

НАМ II *лейл.* ным; *нам болуп кетиптир.*

НАМАЙЫШ *зам.* көпчүлүк катышкан толкун; *жоwду женсең – элиң гүл, сандыгың толо пул болот дешип, намайышка чыккан экендер илгери.*

НАМААКУЛ *пам.* макул эмес; ол киши бул сөзгө намаакул болду.

НАМАЙРАМ *түшт.* куру калгандык, эч нерсеге жетпей калгандык, каражаттан ажырагандык; *эмгек алганда ал намайрам калган* ("намаарам" болуп да айтылат).

НАМАХРАМ *зам.* бейтааныш, бөлөк, бөтөн; *үйгө намахрам киши кегенде баш бакпа.*

НАМАШАМ *суз., лейл.* күүгүм, кечкурун; *намашамда жетип бардык;* **намашам гүл** *пам.* 1. сабагы кыска, жалбырагы кичине, мала кызгылтым майда кооз гүлү бар өсүмдүк (анын гүлү кечкисин ачылып, күндүз жабылып калат); *намашам гүлдөн көп терип кел*; 2. товардын бир түрү.

НАМЕ *түшт., эск.* күбөлүк; *наме кылвай эле нан сындырып койот* (макулдашат)**; инәйәт наме** *тар.* Кокон хандыгынын учурунда "мүлк" жерден алынуучу алык – салыктан бошотулгандыкты билдирген күбөлүк кагаз (азыр эскирип жоюлган); **мувәрәк наме** тар. Кокон хандыгынын учурунда алкоо иретинде берилген күбөлүк (азыр эскирип жоюлган); **пәттә наме** тар. Кокон хандыгынын учурунда алынган байге, утуш жөнүндө берилген күбөлүк (азыр эскирип жоюлган).

НАМИРКЕН *чүй.* коондун бир сорту; *намиркен, тордомо, басып алды, көкчө, кыркма* деген коондор болот (Кегети).

НАМПАР *лейл.* 1. нан чеккич;

Кулундуда ону нампар дейвиз; 2. *батк.* килемге түшүрүлүүчү көчөттүн бир түрү; *нампар түшүрүп жатканда намаз-шамдай болуп кирип келди* (жактырбай калганда айтылчу туюнтма).

НАМСАЛ *батк.* кырманга жайылган өрүктүн али ката элек, кургай электеги; *өрүк курувасa, намсал экен дейвиз.*

НАМЫКТА *батк.* эки башка заттын (ун, май ...) аралашмасынан жасалган кошунду; *намыкта нан жедим.*

НАМЫСКЕР *өзг.* намызчыл; *намыскер уулу бар экен.*

НАНА *суз.* нан (балдардын речинде); *кантты кака, нанды нана деп жүргөн кези.*

НАНАЙ *тал.* караңгы, маңыроо, дөдөй; *нанай кыргыс болгон экембис да, энди гүлдөп жатавыс.*

НАНАКА *жжол.* пайда, киреше; *эгин жакшы болсо элге нанака болот.*

НАНБАЙ *жерг.* эгин – тегиндүү; *нанбай болсоң да, накыл эйтсэ үгуп жүр.*

НАНБАРКЫТКАЧ *тяньш.* аттиш; *нанбаркытkачты алып берчи, мыкты сууруп алайын.*

НАНДЫР *түп, жетг.* дандыр; *нандырга жавасыңарбы?*

НАНЖАВАР *батк.* тойго карата эки – үч күн мурун нан жаап, даярдык көрүү жөрөлгөсү; *коңшу-колоңдор келип жардам берет, бул күндү нанжавар деп койот.*

НАНЖАПТЫ *өзг., батк.* чакмак таш ойнунда үч ташты жогору ыргытып, анан алаканды экинчи колго баса коюп, кайра тосуп алуу фазасы; *нанжаптыга келгенде калдым* (кээде ал жанжавыш деп аталат).

НАНЖЕВЕС *батк.* сараң, зыкым, катуу; *о, бу нанжевес.*

НАНКАНА *жерг.* наабайкана; *торпок саманкананы бошотот, соргок нанкананы бошотот.*

НАНКОР *жерг.* нанды жакшы көргөн; *жүдэ нанкор көрүнөт.*

НАНКӨРДҮ *пам., эск.* илгери "кемпир көрдү" жөрөлгөсүнөн кийин чоң көмөч нан жасап, ортосун тешип, андан баланы өткөрүү учуру; *найы тартып, нанкөрдү кылып* (азыр бул көрүнүш эскирип жоюлган).

НАНӨРҮК *өзг., жерг., ноок.* көлөмү чоң, даамы начар өрүктүн бир түрү; *бир түп нанөрүгү бышып калыптыр.*

НАНПАЛОО *өзг.* картошка кууруп, үстүнө нан туурап, май салып демдеп бышырган тамак; *нанпалоо жасап берчи.*

НАНПАР *жерг.* 1. дандырга нан жабуу үчүн ылайыкталып жасалган буюмдун аты; *нанпар кылып, өлвөс наар алалы*; 2. **нанпар көчөт** "нанпар" деген буюмдун элесин берген көчөттүн аты; *нанпар көчөттү кыла аваса, акылга–урмат, нааданга–кэлтэк.*

НАНПУРУШ *жерг.* нан сатар, наабай; *нанпуруштан ыстык нан алалы.*

НАО *өзг.* келишимдүү; *Айнагүл тонду нао бычат.*

НАНУЧТА, нанушта *түшт.* 1. эртең менен бир канча эркектер бир чайнектен чай ичип оокаттануу жөрөлгөсү; *нанучтага жөнөйлүк, кана?!*; 2. үйдөн эртең менен тамактангандык үй – бүлө менен нануччтага отурдук ("нанүчтө" болуп да айтылат); ◊ **нануштанды ачып, онон иште** *ал.* жөн эле шаша бербе деген маниде айтылуучу туюнтма.

НАНҮЗДҮ *батк.* чакмак таш ойнунда үч ташты жогору ыргытып, анан колдун аркасын сол колдун алаканына тийгизип таптап, кайра ташты тосуп алуу учуру; *нанүздүдөн сен менен мурда өттүң* (кээде ал "нанүзүш" деп да аталат).

НАП *суз., батк., жжол.* пайда; *кәттәрип калсаң йәм кәллән иштевейт, навың тийвейт.*

НАПАЗ *ноок.* дем; *напаз алып турдум.*

НАПАКА *өзг.* 1. көмөк, жардам; *жан кейитип напакаңды тийгизбей эле койчу;* 2. *лейл.* расход; *напакасыз таштап кетти.*

НАПАРВАЙ *батк.* анча көңүл бурбаган; *жүдә сен да напарвай болдуң дә.*

НАПРЕЧ *лейл.* 1. кийим – кече, жууркан төшөк салына турган капчык сымал буюм (ал килем сыяктуу түк байланып согулат); 2. куржун; *наадан сүйлөр, даана талдар, напречти сого бер* ("пэпирэч" болуп да айтылат).

НАПТАН *жжол., зам.* үзүр көрүү; *булактын сувудан адамдар да наптанышат.*

НАПЫ *лейл.* акы үчүн алына турган нерсе, буюм; *онун менде напысы барвы?*

НАР, ак нар *пам.* тууралган *эт; атасы менен энесин ак нар тартып бакчу эле* (кээде "нарын, ак нарын" деп да айтылат).

НАРАВАК *ноок.* арыраак; наравак жылыңдар?!

НАРАКА *жерг.* ары жакка; *нарака турчу!*

НАРАН *батк.* тегирмендин ташынын ортосундагы тик темир; *тегирмендин наранын жаңы салдык.*

НАРВАН *лейл.* 1. өлүктү үйдөн мүрзөгө чейин ийинге коюп сегиз киши көтөрүп бара турган замбил (нарвандын сегиз буту – көтөргүчү болот, өлүктү алып чыгып ага салганда көтөргүчтөргө шайы же бакмалдан жыртып байлап коёт); 2. *пам., лейл.* шаты, тепкич; *нарванды алып кел, жогоруга чыгавыз.*

НАРВАЧА *жерг.* тайлак; *атаң төw мас болсо, нарвача менен дос болот.*

НАРГУЛ *жерг.* сөзгө келбеген ырыс кески; *наргул адам турвайвы.*

НАРГҮЛ *жерг.* чакмак таш ойнунда таштарды колдун алдынан артына алып, жерге түшкөнүн бирден терип алуу учуру; *наргүлдү алалваса, өлүгүгө отура калат.*

НАРДАМ *ал.* аман – эсендикти сураганда соо – сак, тетик, тың деген мааниде колдонулчу сөз; *жүргөн жолдон тават, отурган кайдан тават, теги өзүң нардамвысың?*

НАРДАН *батк.* өрүктүн мөмөсү чоң – чоң, даамы кыйгыл келген бир түрү; *шалпылдак, шалпылдактын үстүдө бырылдак, бырылдактын үстүдө кара булак, кара булак кара чыйырчык, кара чыйырчык үстүдө кара токой – дегенди тапсаң* (ооз, мурун, көз, каш, чач), *нардан берем.*

НАРЖАН *пам.* көпкөн, ала көөдөн; *Сәдирвек наржан бала болуптур.*

НАРЖАНДЫК *пам.* көпкөндүк, көптүргөндүк; *нандын көвү наржандык кылавы?*

НАРК *түшт.* өз учурунда төлдөгөн мал; *ээ, жакшы нарк мал экен.*

НАРАГЫ *батк.* ар жагы; *нарагы кайсы айыл.*

НАРКДАР *жжол.* мурунку көрүнүштү алып жүргөн киши; *наркдар чал ого бетер чайаланды.*

НАРККАРЫН *ал.* сары жатын; *гунажын беш жашарга барганда нарк – карын тувват.*

НАРПОС *жжол.* 1. тамыры, кабыгы боёк үчүн жарай турган өсүмдүктүн аты; *нарпос, боз куйрай, сары жыгачты көрсөтөм;* 2. *батк.* анардын кабыгын кургатып, анан жанчып, сууга эзип жасаган боёк; *нарпозду тери бойогондо колдонот;* 3. *жерг.* боёк даярдаган киши.

НАРЫЛЫК *өзг.* ар жактагы

көрүнүш; *тээ чокуга чыксаң бардык тараптын нарылыгы көрүнөт.*

НАС *пам.* 1. бирөөнү жемелегенде айтылчу сырдык сөз; *бүгүн Бөөрүвекти таппадым, нас!;* 2. балакет; *сенин насың тийди*; 3. *өтм.* баланы эркелетүүдө "шалтак, жыттуу" деген мааниде колдонулчу сөз; *насым ий, кайдасың?!* ◊ **хәзилинди койуп настан чыгар** ойнуңду коюп, чыныңды айт.

НАСАА *тал.* түпөйүл; *ага көңүл бурбагандыгына насаа.*

НАСАЗ *жерг.* макулдашылбаган, келишпеген; шу насаз иш болду.

НАСАК I *батк., өзг.* чемен; *насак болуп турам, бәрә әвәйм.*

НАСАК II *пам.* 1. уят; *жаман киши менен жолдош болсоң насакка каласың*; 2. шылдың, шерменде; *төw атар деп насакка калды*; 3. ыкшоо; *жүдә жаман насак болуп турам* ◊ **жәмән курбу насакка калтырат, жакшы курбу тамакка чаптырат** – курбу, теңтуш адамды ылгап жүр мааниде айтылчу туюнтма.

НАСАКТА *батк.* 1. чемендөө, ооруу; сыркооло, ыландоо; *бул кой насактап калыптыр*; 2. *өзг.* ыксырап табы айнуу; *насактап турам.*

НАСВАҢ *жерг.* насыбай; *насакка кавай жакшы жүр, балам, насваң атпа.*

НАСИЙНА *тал.* күн карама; *насийа куйруктан нак өпкө дейт, насийна болбо, кеттик.*

НАСКАВАК *суз., жерг.* 1. кавак өсүмдүгүнүн бир түрү; 2. ошол кавактан жасалган насывай салгыч чакча; *наскавагың бериң, нас салып берейин* (кээде ал "насвай кавак, чылым кавак" деп да аталат).

НАСКӘШ *жерг., батк.* насыбайды көп чеккен адам; *тилине нас салган наскәш адамдай сүйлөйсүң.*

НАСМАЙ *кочк.* калкылдак, ойку – кайкы; *бир гана асманда насмай күйкө эвелектейт* ("насвайчы күйкө, насыпай чегер" деп да аталат).

НАСПУРУШ *өзг., батк.* насыбай саткан адам; *наспурушка барып нас ала кел.*

НАСТА *чүй.* сыйлоо, ардактоо; *кадырлап эли настаган.*

НАСЫЙА *ал.* ачык саргыч гүл алып, өзү байчечекейге окшош келип, тоолуу жерде өсө турган өсүмдүктүн аты; *насыйа деген гүлдөн ала кел.*

НАСЫЛ *ноок., сейр.* жумуртка; *насыл кuwруп жеп, кардывыз ток.*

НАСЫРКА *жерг.* ыңгырануу; *эки эшекке бир адам учкашып алмак беде деп насыркава.*

НАТАВАН *лейл.* 1. тежик, өжөр; *эй, натаван, жөн отур*; 2. чабал, алсыз.

НАТАВАНДЫК *лейл.* 1. тетиктик, өжөрдүк; *натавандыкты кимден үйрөндүң?;* 2. чабалдык, алсыздык.

НАТАЙЫН *пам.* белгисиз; *ол маңа натайын.*

НАТОВА *түшт.* каргыш; *экөwүздү кошпогон тавыйгатка натова.*

НАТОWУ *жерг.* өлүм алдында жаткан адамдын абалы, көрүнүшү; *насак болуп жүрдү эде, бүгүн натоwу.*

НАТЫНЧ *батк.* тынчы жок; *натынч адам экен.*

НАҮМҮТ *жерг.* үмүтсүз; *чепкен жок деп наүмүт бово.*

НАФАКА *батк., сейр.* пенсия; *Алывек аксакалга өкүмөт нафака бөлгөн.*

НАФАРМАН *жерг.* кырмызы түс, фиолетовый түс; *кызыл живек нафарман.*

НАФТА *жерг.* "рафтанын" бир түрү; *нафта тәйәрләп койчу элек.*

НАХА *жерг.* мейли; *наха кете берсин.*

НАХАК *жерг.* ак эмес; *нахак ишке риваж жок.*

НАХАЛ *жерг.* көчөт; *талдын, өрүктүн, тыттын, жүзумдүн нахалы болот.*

НАХАТ *батк.* 1. чындыгында, өтө, абдан; *нахатта орусчаны жакшы билет экен;* 2. *жерг.* кантип эле; *нахат ки шуну йәм билвесең!*

НАХЫЛ *лейл.* лакап; *онун нахылыны анайы деп койот.*

НАШ *пам.* топоздун мурдуна өткөрүлгөн жип; *гунажын көзүн сүзбөсө, букачар нашын үзөвү?*

НАШАА I *суз.* узун, жоон аркан; *нашаа жипти берчи.*

НАШАА II *тторо., кочк.* кыбыр; *теле жумушу арбыбаган нашаа көрүнөт, кывырап эле жүрөт.*

НАШАЧӨП *тал.* кичине, кыска өскөн өсүмдүктүн аты; *нашачөптүн бир балээси бар го.*

НАШКАЙ *пам.* жалпак мурун; *ой, ол нашкай балээ.*

НАШПОТО *базк.* алмурут; *таткан йәм бир, тапкан йәм – деген нашпотодон бере бериң.*

НАШПУРТ *батк.* алмуруттун чоң, сүйрү келген бир түрү; *нашпурт тиктик көчүп келгели.*

НАШТА *пам.* топоздун мурдуна жип өткөзүү; *топозду наштаваса, мингизбейт* (топозду торпок кезинде наштайт, антпесе, чоңойгондо наш өткөздүрбөйт).

НАШУТ *зам.* нымжан, бош, мажүрөө; *кайраты жок нашут экен.*

НАШҮКҮР *лейл.* текебер; *нашүкүр болсоң шондой болосуң, бул саңа аз болду.*

НАШҮКҮРЧҮЛҮК *лейл.* текеберчилик; *нашүкүрчүлүктүн аркасыдан иштен бошоводуву!*

НӘ *жерг., батк.* каршы маанидеги сүйлөм менен сүйлөмдү же туюнтманы байланыштыруучу сөз; *нә саңа пайдасы тийет, нә маңа* (бул сөз сүйлөмдөрдү байланыштырып келгенде, экинчи сүйлөмдүн ээ – баяндоочу көмүскөдө калып айтыла берет); ◊ **нә дән, нә сәмән** – тобокел деген учурда айтылчу туюнтма; **нә өзүгө кылат, нә бүрөwгө** – кылат бир балээ жасайт, бир балээ иштейт, эмне болсо мейли деген учурда айтыла турган туюнтма; **нә басмайыл, нә кuwушкан же нә өлөнү, нә кuwушкан** – тобокел деген мааниде айтылчу туюнтма.

НӘӘЗИР *пам., жерг., эск.* кандайдыр бир "ээси" бар деген жерге сыйынгандык; *мурда нәәзир кылар эде* (азыр бул көрүнүш жоюлган).

НӘӘЙӘТТӘ *батк.* абдан, эң эле; *нәәйәттә күштүw жигит экен.*

НӘӘКИ *батк.* кантип; *нәәки жүз сомдон ашыра алвадың?*

НӘӘЛӘ *ал.* кепке, сөзгө калгандык; *койсоңчу бала нәәләдә каласын.*

НӘӘЛӘТ *зам.* наалат; *атаңа нәәләт дедирве, аркаңа камчы ургузва.*

НӘӘЛӘТИЛҮW *ал.* аргасыз; *нәәләтилүw чарасы бар.*

НӘӘМ *батк.* ным; *манаву көрпө нәәм болуп калыптыр; өрүктүн түвү нәәм экен.*

НӘӘМӘ *жерг.* кат – кабар; *нәәмә күтүп жүргөн эле.*

НӘӘМӘРТ *өзг.* 1. сараң, тырыш; *нәәмәрт адам да болот;* 2. *базк.* коркок; *элдин гөвү кәнсәгә жыйналышка кетти, бу нәәмәрт не кылып жүрөт?*

НӘӘР баш килем согуу үчүн даярдалган жипти суюга кайнатканда ага бир аз ун кошуп өң бергендик; *кәләвәни соккон маалда нәәр бериш керек.*

НӘӘРӘТИ *ал.* кейигендикти туюндура турган сөз; *нәәрәти – нәәрәти нәәрәти әй, койчу колду бәйләди әй!*

НӘӘТ *лейл.* 1. бар болгону; *нәәт*

эки сом турат; 2. сыягы; *нәәти кыйын өндөнөт*; 3. жөн гана; *нәәти уктап калыптыр.*

НӘВӘ *батк.* көчөттүн жаңы жандана башташы; *нәвәгә кирген көчөттөрдүн бешөвүү сувхасек.*

НӘВӘДӘ *батк.* эгерде; нәвәдә кевесем, тез бара кой.

НӘВӘК *батк.* качан; *сенин окувта жөнөймүн дегениң нәвәк эле?*

НӘВӘККӘЧӘ *батк.* кайсы убакка чейин; *нәвәккәчә күтүп турам?*

НӘВӘЛӘ *батк.* эмне балээ, кандай; *нәвәлә кып жатасың, ич ким түшүнбөйт.*

НӘВКӘР *лейл., эск.* жалчы; *чоң атам шо жерде нәвкәр богон экен* (азыр бул көрүнүш жоюлган).

НӘВЛЕЙИН *өзг.* кайдан билейин; *– апа, Салкын келгенби? – нәвлейин.*

НӘВРУЗ *баткч.* оруздама; *нәрвузда не кыласыңар?*

НӘВЧӘ *батк.* көк, бышпаган; *ковундү нәвчә гинә үзәм деве.*

НӘГӘНДӘ *пам.* кээ – кээде; *нәгәндә ол кевей койчу* ("нәкәмдә, нәкәәндә" болуп да айтылат).

НӘГӘРӘМ *батк.* бүлүнгөн, бөлүнгөн; *кәсәлдин айыдан нәгәрәм болуп калды.*

НӘГИЗ *батк.* обор; напси; *нәгизиңди койуп жүгөрсөң, бәәрини ле өзүмдүкү дейсиң.*

НӘГИРӘ *батк.* алсыз, начар; *эгиз улактын бири жидә нәгирә.*

НӘГИРИМ *ноок.* араң жан, кыбыраган; *о, нәгиримиң онун үстүдөн чыга алвайт.*

НӘДӘЙИМ *зам.* 1. тежик; *ол киши әсли адамга жалган әйтпәсә йәм гәп укпаган нәдәйим;* 2. *батк.* доюр, көк; *сөзгө кирвеген нәдәйим.*

НӘЖӘӘЛИ *жерг.* тажаал; сен кеп нәжәәли болво.

НӘЖӘЙ *батк.* ыңгайсыз, начар; *үйдүн торсундарыны нәжәй койуптур.*

НӘЖӘПИ *пам.* 1. жука; *нәжәпи темир экен*; 2. *өтм.* чыдамсыз, чабал, арык, начар; *биздин үй көп нәжәпи эде, шамал ала жаздаптыр* ("нәжипә, нәжүвә" болуп да айтылат).

НӘЖӘС *зам.* тежик; *о бала нәжәс болуптур дә.*

НӘЖИМӘН *өзг.* өлүм алдындагы адам; *нәжимән болуп зорго жатат.*

НӘЖИР *түшт.* март киши; *нәжир кишиге ишенсе болот.*

НӘЖӨЙӨ *батк.* ылайыксыз, ыксыз; *нәжөйө гәп әйттимби, мен саңа.*

НӘЖҮВӘ *бакт.* талкалангандык, кыйрагандык; *тәкти ле нәжүвә богондой.*

НӘЗ *жерг., түшт.* 1. кылык; *кызы бардын нәзы бар*; 2. *өтм.* жыргал (табигый кубулушка карата) *күлүмсүрөп нәз келди* (жаз жөнүндө); **нәз айландырган** кесир чалган; аны *нәз айландырып кетпедиби?*; **нәз арча** *батк.* жибек арча; *нәз арча эгиз өсөт;* ◊ **нәз нәзгә түшөт, кел пыйазга тушөт** *лейл.* менменсингендик жөнүндө айтылчу туюнтма; **нәз маалыда жатат** *пам.* өлүм алдында жан талашуу; **өзү мерез адамдын кишиге әйтәр нәзи болвос –** мерез кишиден жакшылык күтүүгө болбос деген мааниде айтылчу туюнтма.

НӘЗӘНИН *жерг.* уян; *нәзәнин кызга окшойт.*

НӘЗДӘР *жерг.* кылык – жоруктуу; *жүдә нәздәр турвайвы.*

НӘЗДИК *жерг.* 1. чукул ара, чукул учур; *вахт нәздик эле бовосо апкелет элем*; 2. жакын; *силердин үй нәздик элеви?*

НӘЗИЙӘН *пам.* көңүл суугандык, *кайт болгондук; көвнү нәзийән болду.*

НӘЗИК *жерг.* өтө кооз майда мончоктун түрү; *Нәзикжәнгә нәзик сатып бер* (кээде ал "нәзик мончок, мончок нәзик" деп да айтылат. Өңүнө карата "ак нәзик, кара нәзик, сары

нәзик" болуп да ажыратылат); **нәзик топу** *лейл.* тышы баркыт, жээги шуру – мончоктуу топу (кыздар киет).

НӘЗИКӘРӘШТӘН *батк.* чыргоолонуу; *жүр десем нәзикәрәштәнип каласың да.*

НӘЗИКНӘМ *жжол.* өтө назик; *дәәнәкән–нәзикнәм.*

НӘЗИР I *жерг.* жаш баланын башына коюлган көкүл чач; *чачыны пүт авай нәзир калтыр.*

НӘЗИР II *жерг., эск.* садага; *жети тыйын нәзир берди;* ◊ **нәзири бол** *пам.* тегеренип кет, айланып кет (жемелөө маанисинде).

НӘЗМААЛ *батк.* ал – күч кетип ооруксунгандык; *жүдә нәзмаал болуп жатам.*

НӘЙ I *батк.* 1. көңүлү түздүк, ак ниеттүүлүк; *жигиттин нәйи түwры болсо, жәмәндик көрвөйт;* 2. жороо; *шу баланын нәйи бузук бовосун;* ◊ **нәйи жик–жик бөлүнүп турат** көңүлү сайлап бөлүндү.

НӘЙ II *батк.* 1. осол; *нәй болдуң сен, бүттүң* (Согментте колдонулат); 2. кабышып калгандык; *сыйырды оттоткон эмеспи, нәй болуп келиптир.*

НӘЙ III *пам.* "жок" деген маанидеги таңгыч сөз; *бир нәй дегенден кийин болду эми.*

НӘЙӘП *зам.* назик, кызык; сонун; *мунараны безгенде нәйәп сыр жумшаган.*

НӘЙӘТИ *өзг.* 1. сыягы; *кетсе менден нәйәти бир сом акча кетиптир да;* 2. эң, өтө, абдан; *нәйәти жакшы нерсе экен;* 3. болжолу; *нәйәти төрт–беш күн болду;* 4. ал. балким, мүмкүн; *нәйәти, шондой болушу керек.*

НӘЙЗӘП *өзг.* ысапсыз; *ал нәйзәпсиз адам* ("найынсап" болуп да айтылат).

НӘЙИН *зам.* дайым; *нәйин эле көрүнүшү жакшы йу.*

НӘЙЛӘНЧ *батк.* 1. айласыз; *мен бүгүн базарга нәйләнч келдим;* 2. ылаажысыз; *нәйләнч гана ого бардым* ("нәйиләж" болуп да айтылат).

НӘЙНӘЙ *жерг.* узун ичке, солдогой; *кәттә–кәттә көлдөргө кайырмакты тәштәй берди о нәйнәй.*

НӘЙНИҢ *батк.* келжирек, тантык; *мәззәси жок эле нәйниң бовосун.*

НӘЙНИҢДӘ *батк.* келжирөө; тантыроо; *ич нерсенин тәйни жок эле нәйниңдәвә.*

НӘЙНӨW *батк.* сөзүн орундай албаган, сөздү таап сүйлөй албаган; *нәйнөwдүн колудан бир иш келеви?*

НӘЙРӘҢ *жерг.* 1. укмуш, айран; *тым эле нәйрәң экенсиң;* 2. *өтм.* маскарабоз, оюнкарааак; *нәйрәң элең, хәли дагы таштаган жоквусуң?;* 3. *батк.* бирөөгө жалган айтып, шылтоо таап, айтканга көнбөй койгондук; *нәйрән кывай эле келе вер;* 4. *зам.* куу, алдамчы; *сен нәйрәң экенсиң;* **нәйрәниң кетбейт** *жерг.* мунун жарабайт, мунун болбойт; **нәйрәни болуптур** дал болуптур; *бу маскарабозуң шынчәйә нәйрәни болуптур ки, койо вересиң.*

НӘЙРӘҢБАЗ *батк.* шылтоочул, алдамчы, көз боёмочул; *канча кыган менен нәйрәңбаз гәпкә көнбөйт.*

НӘЙРӘҢБИК *жерг.* дабдыр; *көп нәйрәңбик кылвагын ки, кыләгиңә бир койом.*

НӘЙРӘҢДИК *жерг.* маскарабоздук; *көп нәйрәңдик кылва.*

НӘЙРИЗ *пам.* татаал күүнүн аты; *нәйризди бир чертип койуң.*

НӘЙУСТА *түшт.* чоркок уста; *ол нәйуста экен.*

НӘЙҮМҮТ *түшт.* үмүтсүз; *нәйүмүт иш кылва.*

НӘЙЧӘ *батк.* тасма; *нәйчә бел мүрүгө, желкесиге тартып кагамбы?* (сыртын салып калыптыр).

НӘЙЧИК *зам.* маңыз, бабыр; *тешә аган уста нәйчик.*

НӘК *батк.* жемиш өсүмдүгүнүн бир түрү; *нәк кеч пышат* (кээ бир жерде муну алмурут жана "нәшвәнт" менен алмаштырып түшүнүп жүрөт. Чындыгында бул үчөө үч түрлүү жемиш, "нәк" алмурутка караганда катуу болот жана кеч бышат. Өзү бир нече түргө бөлүнөт); **дийләпорос нәк** "нәк"тин бир түрү; **кара нәк** *батк.* өңү каралжын келип, кеч бышып, салмагы үч жүз граммга чейин жете турган "нәк"; *кара нәк чыдамдуw келет*; **чилги нәк** *батк.* "нәк" жемиш өсүмдүгүнүн майда мөмөлүү келген түрү; *чилги нәк өктөвүрдө пышат.*

НӘКАВЫЛ *батк.* тилазар; *уwул нәкавыл босо атага наалат келтирет, кыз нәкавыл босо энеге наалат келтирет.*

НӘКӘӘНИ *алб.* ар убак; *үйдүн дувалын нәкәәни гүвәлә менен урат.*

НӘКӘЗДИК *батк.* 1. сүткордук, ичи тардык, ач көздүк; *нәкәздик кылып жүрө бервесин*; 2. *өзг.* кыйырдык; *ал нәкәздигинен мага атын бервей койду.*

НӘКӘН I *пам.* бети чаар; *о нәкән ич мусапырдык кывайт.*

НӘКӘН II *лейл.* табы жоктук, сыркоологондук, тумоологондук, ооруп калгандык; *нәкән болуп калыптыр.*

НӘКӘЗ *жерг.* 1. сүткор, ач көз; *нәкәздән карыз алва, карыз алсан каржы кылва* (мунун "нәкәздән карыз алва, же жолдо – же гөрдө кыстайт" денен түрү да бар); 2. саран, битир; *колудан ич нерсе чыкпаган нәкәз* ("нәкәс, нәкисә, нәкүстә, накас" болуп да айтылат); 3. кыйык; *нәкәз киши окшовойву*; 4. кем акыл; *шаптоwлу мөвә салган соң көтөрө әлвәй пәс болот, нәкәзгә дөвлөт барган соң көтөрө әлвәй мас болот.*

НӘКӘП *өзг.* эттин чыгы; *гөштүн нәкәви аччык.*

НӘКӘР *батк.* начар, алсыз, кубатсыз, жансыз; *мен көргөндө жүдә нәкәр эде.*

НӘКӘРЛИК *пам.* начардык; *чөмүчтүн нәкәрлигидән шорпону сапырбады.*

НӘКЗӘР *ар.* "нәк" өсүмдүгү көп өскөн жер; *нәкзәргә киреличи.*

НӘКИЗ *жжол.* тескери мүнөз; *жакшыны жаман деве әкизине бир гетер, жаманды жакшы деве нәкизине бир гетер.*

НӘККӨЗ *батк.* алкоодо колдонула турган сөз; *жаман болбогур, нәккөз!*

НӘМАКУЛ *батк.* жүйөөсүз, туура эмес; *шу гәвиң менен нәмакул әйтипсиң.*

НӘМӘӘЛИМ *жерг.* белгисиз, кабарсыз; *нәлайык, намәәлим болуп жатат.*

НӘМӘЙИШКӘ *ал.* калп эле; кантер экен деп; *нәмәйишке айтып койду элем.*

НӘМӘКӘП *жерг., лейл., өзг.* 1. чык, туздуу суу; кор; *этке нәмәкәп сээп келдим*; 2. *суз.* пияз тууралган сорпо; 3. *өтм.* өтө чаңкагандык; *нәмәкәп болуп кеттим, суу бер*; ◊ **нәмәкәпкә канып нәмәнгәнин тартып калыптыр** *ноок.* бир нерсе жуткусу келип, суусап, чаңкап калганда айтылуучу туюнтма; **этәни сениң нәмәгиң, нәмәнгәниң әййә** *карс.* олда сенин соргоктугуң ай деген маани де айтылуучу туюнтма.

НӘМӘРӘМ *жерг.* 1. жуулбаган, тазаланбагандык; *нәмәрәм үзүн көрвө, колун кармава;* 2. *өтм.* куру калгандык; *нәмәрәм калдым.*

НӘМӘТ *жерг.* ара жолдо үмүтсүз калгандык; *бичәрә нәмәт калды ку.*

НӘМӘТӘК *зам.* шор, ачуу; *тузу нәмәтәк болуп кетиптир.*

НӘМӘХӘР эч убакта; *нәмәхәр үзүн көрвөгөн.*

НӘМГӘРЧИЛИК *лейл.* жаан – чачындуулук; *нәмгәрчилик саз.*

НӘМИЙӘН *өзг.* жай, шашпай; *онову төштүн түвүдө нәмийән кыймылдап жүрөт.*

НӘМПАЛЛА *батк.* картошка, эт, пияз ж.б. нерселер аралаштырылып жасалган сорпо; *нәмпаллага гөш тап.*

НӘНӘ *батк.* нан деген мааниде жаш балдар тарабынан айтылуучу сөз; *нәнә – нәнә дей берди.*

НӘНӘДӘ *батк.* жел; *нәнәдә жүрө берсе, пайдувал да бузулат.*

НӘНӘНИЙ *батк.* кичине балдардын үн чыгарып ойногондо айтылчу сырдык сөзү; *нәнәний – нәнәний, нәнәний! – эле дей беревисиң?*

НӘНГӘНӘ *лейл.* өтө катуу карганганда айтылуучу сөз; *ой, жигит, нәнгәнә деп карганбачы.*

НӘНИГӨШ *батк.* тааныбай койгондук; *качангаче ого нәнигөш болот?*

НӘНИЙӘН *алб.* шашылбай; *биз ишти нәнийән бүткөздүк.*

НӘНИШТӘ *жерг.* "жүзүнүк" ойнундагы фазанын аты (мында ташта колтукка кысып алып, анан бир буттап секирет).

НӘҢ *жерг.* кара ниеттик; *бүрөwдүн баласыга нәң ургудай балам да көп эмес.*

НӘПӘЗ *батк.* 1. дем, жел; *нәпәзимди буwвастан нарыраак турчу, кудай жалгагыр!* ("нәпәс" болуп да айтылат); 2. *өтм.* сөз; *нәпәзиң кетти, болду дә*; 3. ооздун илеби; *нәпәзигә аш пышат*; **кәм нәпәз** *пам.* тартынчаак; *энесиз өскөн бала кам нәпәз болуп да калат.*

НӘПӘС *өзг.* каргыш; *атасынын әлпәзинән нәпәс тийген.*

НӘПӘСИМ *суз.* дем алыш учур; *нәпәсим болуп туруп, дүмбүл пышырат.*

НӘПИ *өзг.* сооп; *нәпи кылып кой.*

НӘПИЛ *зам.* өтө кичине, бир нерсенин толбогон кеми; *толбогон үч күн нәпилим бар.*

НӘПӘЗДӘ *зам.* заматта; *атам нәпәздә кашек тәйәрләп келет.*

НӘПӘРӘТ *өзг.* наалат; *биртке нәпәрәт айтып кетти.*

НӘПИС *батк., ноок.* 1. чабал; *бу өзү нәпис кишиге окшойт*; 2. *батк.* араң эле турган бош нерсе; *пычак нәпис экен, сөwөккө урсам сынып калды*; 3. жука, назик; *пийәлә өтө нәпис болот.*

НӘПСӘНИЙӘТ *батк.* 1. жаат кылгандык; *нәпсәнийәт жоголуп оң болду*; 2. карасанатайлык менен ушак – айың тараткандык; *нәпсәнийәт кылса йәм мурдуну канатпайт* (катуу сөз айтпайт, бирөөнүн көңүлүн калтырбайт); 3. *батк.* алымсынбагандык, нааразыланбагандык; *нәпсәнийәт кывагыла энди, болду.*

НӘПСӘНИЙӘТЧИЛИК *батк.* ач көздүк; *илгери нәпсәнийәтчилик эле кыла береттер эде.*

НӘПТИ *жерг.* өңү кара шайы сымал товар, ушул материал менен тышталган кийим; *илгери нәпти кийчүвүз* ("напты" болуп да айтылат).

НӘРӘ *батк.* оп; *әжидәр нәрә тартса оңбойт.*

НӘРӘК *зам., батк.* 1. үч – төрт жашка чыгып калган тоо теке; *бир нәрәк атса болор беде?*; 2. жазында туулуп күзгө жуук алты айлык болуп калган кийик улагы.

НӘРГИЙӘ *батк.* жылмакай сулуу өң алып, баш чыгарган өсүмдүктүн аты; *акылдан адашкан адам түлкүдөн акыл сурайт болуп ондон нәргийәни сурава* ("нәргәә" болуп да айтылат).

НӘРЖӨН *батк., зам.* тоң моюн, тежик, кежир; *нәржөн бовой мәйин бол* ("нәржөк" болуп да айтылат).

НӘРЖӨНДҮК *батк.* тоң моюндук, кежирлик; *нәржөндүк кывай элдин сакасы богучаң, сүwдүн бакасы бол.*

НӘРЗИМДӘ *батк.* 1. оюмда, билишимче; *нәрвимдә ол бир бәләә деген* (бул сөз I ж. жекелик түрдө гана айтылат); 2. *лейл.* баамымда; *шу сыйырыңыз нәрзимдә адыр жакка кетти.*

НӘРЗИПӘС *ноок.* битир, саран; *нәрзипәс адамдан чыгар бекен?*

НӘРИЗ *зам.* кайыр – садага; *канчалык нәриз берген экен.*

НӘРИН *пам.* майда тууралган эт; *өзүң кылган нәрин иче–иче жәрилвә.*

НӘРМӘДӘ I *батк.* жансыз, алсыз; *бул улак шондой нәрмәдә* ("нәрмөөдө" болуп да айтылат).

НӘРМӘДӘ II *жерг.* тегирмендин туруму; *нәрмәдәси жээлип калыптыр.*

НӘРСИС *жерг.* эрте жазда чыгып, сары гүл ачып, жалбырагы узун ичке келип, өзөгү катуу өсүмдүктүн аты; *тоwго барганда нәрсистен тере кел.*

НӘС I: нәс баскыр *өзг.* 1. албарсты баскыр; 2. дал болуу; *мен нәс болуп унутуптурмун да.*

НӘС II *пам.* буттун башынан жогору карай сылагандык; *нәс тартты.*

НӘСВӘ *пам.* 1. ырыс, таалай; *нәсвәңди жеп, маңа калп әйтпә*; 2. энчи; *тойдон алган нәсвәңәр кана?* ("нәсивә" болуп да айтылат); 3. тирүүчүлүк, буйрук; **ой, үкәм ой, нәсивәси шо дә нәсвәң кургур!** *пам.* умсунуң соолгур; **нәсвәң аарт** *жерг.* каргап – шилөөдө колдонулчу сырдык сөз.

НӘСВИГӨЙ *пам.* ач көз; *нәсвигөй экен да.*

НӘСВИГӨЙЛҮК *пам.* ач көздүк; *нәсвигөйлүгүдөн солонуп кетти* ("нәпсигөй" болуп да айтылат).

НӘСИЛ *зам.* урук, тукум; *нәсилсиз болсо, аты өчөт.*

НӘСИРЖӘН *пам.* көк гүл ала турган жалбыраktуу боз чөптүн аты; *нәсиржәнди чәй кылып ичет.*

НӘСИРЛӘ нан нәсирлә *жерг.* нан сындыруу, майдалоо; *миймәндәрдин алдыга нан нәсирләп кой* (бул туюнтма Миң – Булак, Мөк кыштактарында гана жолугат.

НӘСТӘЛИК *жжол., эск.* Кокон хандыгынын учурунда Кокондон чыгып туруучу кагаз; *Кокондун өзүнөн чыкчу нәстәлик деген саргыч кагазды оймолоп–чиймеледи* (азыр бул атоо эскирген).

НӘТӘВӘН *батк.* 1. жүдөө; *нәтәвәндин колудан эч нерсө келвейт*; 2. жөндөмсүз; *нәтәвән жигит экен, бир иш бүтүрвөдү*; 3. онок; *тили сайраган менен өзү нәтәвөн*; ◊ **нәтәвән көңүл** *батк.* кош көңүл.

НӘТӘЙИН *батк.* 1. ыргылжың; *нәтәйин бовой жүр*; 2. *пам.* дайынсыз; *мәшинә келеви–жокпу нәтәйин.*

НӘТӘНТИ *батк.* туура эмес, калыстыктан чыккандык; *сөздө турваган нәтәнти жигит экенсиң.*

НӘТӘП *батк.* сапатсыз, начар; *шу сәвәрги наны нәтәп болду.*

НӘФӘРМӘН *жерг.* кочкул жашыл; *кызыл живек нәфәрмән.*

НӘХӘДИ *батк.* дурус, жакшы; *ол нәхәди келди.*

НӘХӘК *баткч.* ак жерден; *нәхәктән чатак чыгарып акыйкатты бузвасын.*

НӘХӘР *жерг.* наар; *кымыз эде нәхәрим.*

НӘШӘ *батк.* 1. уулуу өсүмдүктүн аты; *онун дәриси – нәшә чөп*; 2. чычалаткандык; *гәви мени жүдә нәшә кылды.*

НӘШӘВӘНГИ *батк.* нашаачыл; *илгери вакта нәшәвәнги болгондор болор эде, энди олор жоюлду.*

НӘШӘВӨНТ *зам.* кумарчы; *чәйди ачык ичпе, нәшәвәнт болуп каласың.*

НӘШВӘНТ *батк.* мөмөсүнүн бир жак боору кызгылт өң алып, чоң – чоң келип, эти катуу, суулуу, даамдуу жана кышка чыдамдуу келип өскөн жемиш өсүмдүгүнүн аты; *нәшвәнт кышкача зорго пышат чагымда* ("нәшвәт, нашпант, нәшвәрт" болуп да айтылат).

НӘШГҮР *батк.* ысырап; *нанды нәшгүр ккылып девелеп авагыла.*

НӘШИЙӘН *өзг.* акырын, жай; *Айна суроого нәшийән жооп берди.*

НӘШТӘ *пам., ал.* наар, даам (тамак); *нәштә кылып кой.*

НӘШТӘРЧӘӘК *жерг.* кичине макиче; *нәштәрчәәгиңди берип түр, тырмагыны алып алсын.*

НӘШҮТ *батк.* 1. бошоң, чыйрак эмес; *нәшүт экен дейсиңби?;* 2. көөдөк, келес; *тигил нәшүттән дайын жок;* 3. *батк.* болбогур; *нәшүт адамы курусун.*

НӘШҮТГӘРЧИЛИК *батк.* бошоңдук, мажүрөөлүк; *нәшүтгәрчиликтин кәсәпәтидән кәттә жолдо өзүнү алып жүрө алар веке?*

НӘШҮТТҮК *батк.* солгундук, чабалдык; *ол ишке нәшүттүк кылды.*

НЕ *кочк., жерг.* байламта сөз; *не өңү, не тулку бойу окшовойт;* **не дәрәги бар у, не хич теме** *жерг.* же дареги бардыр, же жоктур.

НЕВЕРИЙЕ *пам.* небере; *барлык не дедирвейт, жоклук не жедирвейт девей, неверийеңди жакшы кара.*

НЕВИЛЕЙИН *батк.* белгисиз, дайынсыз; *олордун келер-келвеси невилейин болуп калды.*

НЕГӘӘНДӘ *ноок.* кез – кезде; *негәәндә-негәәндә көрүнөт* ("некаанда, некәәндә" болуп да айтылат).

НЕГЕКИ *алб.* эмнегедир; *негеки ишке жакшы киришпей атат.*

НЕГЛИК *жерг.* жакшылык; *адам адамга неглик кылышы керек.*

НЕЙЕРДЕ *жерг.* эмне деген жерде; *нейерде калдың адашып.*

НЭЭ *жерг.* 1. өтө; *оббоо нээ бараган болуп кетет;* 2. теги, теги эле; *нээ угагычсың, шону да уктуңбу?*

НЕЙМЕТ: назы-неймет *зам.* ар түркүн; *назы-неймет баары бар.*

НЕЙЧИ *пам.* чачкептин жагагына тагыла турган түтүкчө күмүш кооздук; *не керек, нейчиви, керек экен, ондо келесиңер.*

НЕКИ *батк.* 1. кандай; *әнән неки ишиң босо экөwүз кылавыз;* 2. эмне болсо да; *неки босо, жасап берет.*

НЕКИН *зам.* 1. бирок; *некин, сен бир эсептен туwры кылдың;* 2. чындыгында; *некин ирәсә берилип иштеген экенбиз;* **әммә некин** бирок да; *сен үчүн әммә некин бир топ эмгектенип койдум.*

НЕЛВЕЙИН *ноок.* 1. көзүм жетпейт, билбейм; *нелвейин, балам, келер-келвесини;* 2. *жерг.* мүмкүн; *жакында жәйлөwгө чыгасыңарбы? – нелвейин.*

НЕЛИ *ыск., миф.* булут минип жашаган жан; *булут үстүндөгү нелидей* (азыр бул түшүнүк эскирген).

НЕМЕ *ал.* эчтеке; *аткан маралды неме койвой жеп апыптыр.*

ОЛВОР *акт.* тап бергендик, жүткүнгөндүк, жуткунгандык; *ылаачындын олвору кыйын.*

ОЛВУР *ыск.* муун – жүүн; *олвуру бош киши тура.*

ОЛДАГЕР *баткч.* карганууда колдонулчу сырдык сөз; – *кечээги гәп туwрывы? — олдагер, туwры эмес.*

ОЛДАК *тоң.* олдо; *олдак, катыгүн ай, атасы алсыз болво шалдырап.*

ОЛДО I *баткч.* "жок" деген мааниде айтылчу сөз; – *челекти сен алдыңбы? – олдо?*; **әгәр олдо** *батк.* карганганда, убада кылганда айтылчу сөз; *әгәр, олдо, мен кыганым жок.*

ОЛДО II: олдо–булда *түнд.* ант кылуунун бир түрү (азыр колдонулбайт); *олдо–булда кылчу эле.*

ОЛДОРОК *базк.* олдоксон; *ой олдорок, пәрвәдигәр өзү сактасын.*

ОЛЖОЙМАТ *ыск.* олжогой адамды какшыктаганда айтыла турган сөз; *ай, олжоймат ай, ичими өрттөйсүң го өрттөйсүң!*

ОЛЖОКЕ *ыск.* дайыны жок эле оолжуп же орду жок тийишип сүйлөгөн киши; *аган кошулсаң, олжокени оолжутасың.*

ОЛЖОН *эск., суз.* чыгым; *салык; шундай гарыпмын әйләйәйин, олжон пулду тава алваймын* (азыр бул түшүнүк эскирген).

ОЛЖОҢБАЙ *алб.* арсак – терсек кылып сайылган сайма; *бу олжоңбайды сайыш оңой эле.*

ОЛЕКИ *жерг.* ал гана; *олеки ол гәпти әйтти.*

ОЛИИ *атб.* өкүнгөндүктү туюндурган сырдык сөз; *олии, бечара башым, байкуш жаным.*

ОЛИЙ: олий–олий *түшт.* алдей – алдей (баланы сооротуу); *олий–олий уктай көр.*

ОЛИЙНА *батк.* мүдөө; *олийнаңды айта кет.*

ОЛИМЧӘӘК *жерг.* жаш окумуштуу; *олимчәәк болуп әкәдемийәдә иштейт.*

ОЛКУ *күл.* эптеп устачылык кылган адам; *колунан эчтеке келе бербеген олку уста.*

ОЛКУЛУК *чүй.* жетишпегендик; *айта турган бир олкулук бар.*

ОЛОВО *карс.* соргок; *олово–олово, биздин үйгө жолово.*

ОЛЕГЕР *зам.* "кусур урсун" деген мааниде ишендирүү үчүн айтылчу сөз; *олегер, көргөнүм жок.*

ОЛОЙМАТ *ыск.* ологой; *ой түгөнгүр олоймат, ошол эмнени көрсүн.*

ОЛОЙМОК *түшт.* көмөч; *мен көргөн олоймок ол эде* ("олоймо, олоймон" болуп да айтылат).

ОЛОКАНДАЗ: олокандазды көргөн баваң *лейл.* көптү көргөн, алыска барган; *о киши олокандазды көргөн баваңдан болот.*

ОЛОКО *ыск.* 1. эби – сыны жок, жөндөмсүз; *биринчи – күлү жерге додо болбогон жаман, экинчи – олокосу жок өскөн жаман*; 2. *жжол.* орунсуз, эпсиз; *ал олокосу жок күлдү.*

ОЛОКОН *ноок.* "тыбыр" ойнунда айтыла турган сөз; *олокон, солокон ...сен чык; олокондун томсуга булут отурду дегиче отунуңду жый;* Ак – Бууранын оң жагындагы бийик тоонун үстүнө кичине эле булут турса, Көк – Бел деген жерге күн жаап жибергендигинен улам айтылып калган сөз ("олокондун башын булут алды. Олжовай уwлум, отун ал" деген вариантта да айтылат).

ОЛОМПОЙ *акт.* 1. тегерете бир нерсе тизип коюп, ошонун изинен чыкпай, бир буттап сороңдоп, экинчи жактагыларды тээп, тебе албаса жыдып калган оюн; *тигилер жатып, беркилер оломпой тевет.*

ОЛОҢ I *жерг.* өгүз – топоздун жип басмайылдары; *оwуз – дарваза, көңүл – андаза, олоңуң кана?;* **бек олоң** аттын олоң – жырымы; *бек олоңду мечи деп ыргытып жүгөрдү*; **олоң–шалаң** *жерг.* аттын, өгүздүн, эшектин жалпы эле турманы; ◊ *олоң–шалаң, оттук–пычагы бар бекен? ага–тууган, мал–мүлкү бар бекен?* (аял алганда келиндин төркүнү жөнүндө берилчү суроо); **олоң бowчусу бышык** бардыгы жайында, ишенүүгө болот, жүргөн – турганы тың деген мааниде айтылуучу идиома.

ОЛОҢ II *жерг.* көмөчтан; *ойдо олоң, кырда ғылаң, бир кап жылан* (таб. көмөчтан, кийик, төөнүн ичегиси).

ОЛОҢ III *ноок.* кыйык; *көздөрү менен олоң карады.*

ОЛОҢГО *пам.* жапайы өсүмдүктүн аты; *олоңгону көрсөтсөм болот эде.*

ОЛООЙ *чатк.* таң калуу сезимин билдирүүчү сырдык сөз; *олоой–олоой, күн жаап келатат.*

ОЛОПАЙ *тал.* оромпай; *олопай тээп ойношту.*

ОЛОЧО *акт., эск.* илгерки мылтыктын бир түрү; *олочодо от күйөт, Ысык–Көлдө ит үрөт* (таб. от, бака).

ОЛПОК I *алб.* шырдак; *олпокту кийизден ойуп тигет.*

ОЛПОК II *жжол.* эскирип жамаачыланган чапан; *олпок кийип отунга гана барат.*

ОЛПОҢ *батк.* илгерки учурда салынган чыгым, салык; *оваkта кәмбәгәлдәргә олпоң салар эде* (азыр бул көрүнүш жоюлган).

ОЛПУК *батк.* ымыркай; *ой*

олпугум – олпугум, бешикке жатпайт солпугум.

ОЛТУН *пам.* уят – сыйыт, абийир – урмат, ызаат; *олтун кылып кычырдым.*

ОЛТУНДУW *пам.* абийирдүү, ызааттуу, уяттуу; *олтундуw жигит, сага уйат, досум!*

ОЛУТТА *акт., күл., нар.* жай камдоо, даярдоо; *эски олутун таап, олуттаса болот да.*

ОЛУТТАЛ *акт., күл., нар.* орундалуу; *ишин олутталдывы? – олутттылды.*

ОМ I *өзг.* мамы; *омдо эки – үч ат байлалуу турат.*

ОМ II: ом – дом *жерг., эск.* эм – дем; *ом – дом кылган кишилер болот* (азыр бул түшүнүк эскирген).

ОМӘДИ *зам.* кадыресе; – *кой, антпе, бу гәпти укса, онун ачыгы келет! – ә, бу омәди гәптә.*

ОМБУ *жжол.* чала түлөк болгон, жону өйдө – ылдый болуп тегиз келбеген куш; *бизде омбу куш, көк куш бар.*

ОМБУЛ *ыск., эск.* ашыгып, ооз көптүрө айтылган кеп; *омбул – омбул оез айтып, жүрүп кетти.*

ОМБУЛА *ыск.* күчкө салып көкүрөк менен түрткүлөө; *бужугур чал омбулап кирди.*

ОМБУТ *ыск.* демитүү; *омбул – домбул чуркап, омбутуп кирди.*

ОМЕЙ *ыск., кочк.* опей; *омей – омей, кайдан билем аныңарды.*

ОМИЙ, омиий *ыск., чүй.* таң калганда айтыла турган сырдык сөз; *олчойуңку өтүк менен басып келди, омиий!*

ОМКО *лейл.* оңко; *ашыктын бүрөwүн омко койуп ойнойт.*

ОМКОРМО *түнд.* 1. омкоруп алынган, омкорула турган же омкорулган нерсе; 2. бели бүктөмө мылтык; *омкормого ок салыш кымбат эмес.*

ОМОГО *суз.* көздүн жапкагы; *ооруганынан аптоого чыгып, көзүнүн омогосун укалап отурат.*

ОМОГОЛУW *суз.* жапкактуу; *омоголуw көзүнү анда – санда ирмейт.*

ОМОЙ *ыск.* таңдануууну туюндуруучу сөз; *кош дейм, омой, а – ай!*

ОМОКОЙ *батк.* 1. чүкөнүн оңу; *омокой ашыкты маңа бер;* 2. *пам.* "ууруну тап" ойнундагы бешинчи кишинин аты.

ОМОЛОН *чүй, сейр.* кулоо; *тоодон томолонот, ойго карай омолонот* (таб. төөнүн коргоолу).

ОМОЛОТ *кочк.* очорулта көмөлөтүп салуу; *ошо очорулган бойунча омолотуп таштады.*

ОМОР *зам.* омкоруу, томкоруу; *май оморот шекилди.*

ОМПАЙ *батк.* жалаң чоң сака же чүкөнү он тамандан ашыра атып ойногон оюндун аты; *омпайды ол билвейт, ылай омочту сен билвейсиң* (көбүнчө чүкө менен ойношот).

ОМПО I *кочк.* көң үчүн тебеленип даярдалган кык; *бул омпонун баарын чаап алсаң, кышкы суукту кенебейсиң.*

ОМПО II *батк., жжол.* бир нерсенин тумшук жагынан оңколоп калышы; *омпо болуп калды.*

ОМПОК *батк.* шылдыңдоо маанисинде айтылуучу сөз; *әй – уw, омпок тегирменге домпок, ак сыйырдын желини...*

ОМПОЛОК *батк.* башмалдак; *Абдылдак омполок ашып кетти;* **омполок – чомполок** оңко – чоңко; *омполок – чомполок атып кетти.*

ОМПОЛОКТО *батк.* оңко – чоңко түшүү; *омполоктоп – чомполоктоп кетет.*

ОМПОҢ I: омпоң – омпоң *ыск.* төө желишке салып, өйдө – ылдый болуп баскан эти оор адамдын көрүнүшү; *омпоң – омпоң этсе, тиги күлүп койот.*

ОМПОҢ II: омпоҢ–чомпоҢ *алб.* өөдүк – сөөдүк, өйдө – ылдый; *Сумсарга баратканда да омпоҢ–чомпоҢ болову?*

ОМСОНДО *ноок.* умсунуп соксондоо; *мени омсондотуп койовусуҢ, бир немеҢ барвы?*

ОМУ *батк.* жөнөкөй, жалпы, бардык, карапайым; *ому адамдар билвей эйтэт деве.*

ОМУР *суз., өзг., пам., жерг., батк.* өмүр; *омурдун совдасы – кийинки омурдун совгасы*; **омуру кум болот** көп жашабайт; *карыганда ата–энени тэштэсэ омуру кум болот*; **омуруҢа наалат** *пам.* атаҢа наалат.

ОМУРААК *ыск.* кыраан, алгыр; *эҢ шамдагай омураак.*

ОМУРТКА *батк., тяньш.* таар – килемге ж.б. омурткanын элесин түшүргөн көчөт (анын "жарты омуртка, пүтүн омуртка, омурткanын колтугу" деген түрлөрү бар).

ОНААР *зам.* чоҢ, терең арык; *онаар арыкка кирип кетти.*

ОНАЙЕТТЕ *лейл.* ошол жерде; *онайетте ашарга чакырсам кеведи.*

ОНДАКАЙ *суз.* ал сыяктуу; *ондакай жумуштар бизде бар.*

ОНДЕТ *чатк.* ошент; *ондетип мазактай бербечи.*

ОНДО *жерг.* тигип кураштыруу; *оромону ондоп койдуҢбу?*

ОНДОЙ *лейл.* тигиндей; *ондака–мындаканы эшитпедик, ондой турдук.*

ОНДОЙДОНДА *жерг.* андайда; *ондойдонда келвейт де.*

ОНДОЙЛО *тал.* оңдоп – оңдоп жүрүү, бастыруу; *ондойлогон атчандар калкостун тамеки сарайына келип түштү.*

ОНДОЙЧА *батк.* ошондой; *ондойча киши көрвөдүм.*

ОНДОКО *суз.* андай; *ондоко–мундака болуп ойной бериптир.*

ОНДОШ *акт.* адам менен бирге жан аябай салгылашкан киши; *алардын жан– жөкөрү, ондоштору көп болгон.*

ОНДУW *жерг.* жакшы, сонун; *ондуw бала көрүнөт.*

ОНЕКИТАЙАК *тторо.* узундугу бир метр келген эне таякка узундугу 15 – 20см. келген кыска он эки таякчаны жөлөп коюп, оюнга катышкан кайтаруучу 40 – 100гө чейин санап жатканда жашынгандардын бирөө келип тээп кеткен оюндун аты; *балдар, онекитайак ойновойлуву?*

ОНЕРДЕ *чатк.* ошол жерде; *ГаалыҢ дарак түрү го онерде.*

ОНЖОКЕ *ыск.* олжойгон, бош, тартайган баланы эркелетүүдө колдонулуучу сөз; *онжойгон онжокем, теги аман жүрчү!*

ОНЖЫГАЧ *өзг., батк.* кандайдыр бир тактайчаны кичине ташка жөлөп, анын бетине бир карыштай ичке келген чырпык коюп, аны бирөө чачырата тээп, кароолчусу чогултуп, анан кубалашып ойногон оюндун аты; *онжыгачта карматпай кача берди.*

ОНЖОРГО *жерг.* устукан; *онжоргого бөлүп гөш тартавыз.*

ОНЖЫРГА *тторо.* сыныктын шакшагы; *онжырганы жылкынын сөөгүнөн да жасайт.*

ОНО I *лейл.* ойлоо, эстөө; *жәйдәрим сени оносом, кантип турам күйүнбөй.*

ОНО II *лейл.* эс; *ономон көтөрүлүп кетти.*

ОНО III *өзг.* тиги; *ал оно жерде онор отурат.*

ОНО IV *пам.* эскиче айдын аты; *жылдын башы – үштүн айы, оно – сегизинчи ай.*

ОНОW I *жерг.* 1. эс, акыл; *оновындака бийилердин бәәрисини эккеним оноwунда*; 2. ой – пикир; *онау болду, манау болду девей онow кылчы.*

ОНОW II *жерг., батк.* тиги, тетиги; *онow белестин аркасыда кәттә көл*

бар ("оноwу, оноу, онау, оноwул" болуп да айтылат).

ОНОГУЛ *алб.* тетигил; *уй оногул жерде оттоп жүрөт* ("оногу" болуп да айтылат).

ОНОЙЕТ *суз.* тиги жер; *онойетте отуруп саар-кеч берсин дейт.*

ОНОКЕЙ *жжол.* тигинекей; *онокей өзүмдүн үйүмө кетсем деп отурат.*

ОНОКОЙ I: онокой-сонокой *ноок.* "тывыр" ойнунда айтыла турган сөз; *онокой-сонокой ... сен чык.*

ОНОКОЙ II *алб.* ошондой; *онокой бир ай жашады.*

ОНОКУ *карс.* тиги; *оноку пычагымды берип койчу.*

ОНОН *түшт.* андан; *онон китеп алдым.*

ОНОҢГО *суз.* тигиге, ошого; *оноңго берип кой дейт.*

ОНОРӨГҮ *ноок., батк.* тетиги; *онорөгүнү көрвөй көзүң постектин тешигиви?* ("онереки" болуп да айтылат).

ОНОХА *жерг.* тетигил; *оноха китеп.*

ОНТӘ *лейл.* он даана; *онтәси кол кармап турат.*

ОНУГ *батк.* аның; *онуг үчүн жән тәртәвисиң?*

ОНУЙАКТА *өзг.* ал жакта; *балдар онуйакта ойноп жатышат.*

ОНУҢКИ *өзг.* аныкы; *онуңки кандай әйтсә жәрәшәт, биз кичине ле тескери сүйлөсөк жәрәшпәйт, ә?*

ОНЧО *жерг.* анчалык; *ончо ырды билвейт да*; **ончо-мунча** *батк.* анча - мынча; *ончо-мунча актальвай калгандарыны ала дейт.*

ОҢ I *атб.* бээни сааганда "түз, тынч тур" деген мааниде айтылуучу сырдык сөз; *оң-оң, түгөттүн бээси!* (мындан башка да "оң желе!", "он чык - чык!", "оң түзө!", "ай, оң!" деп колдонула берет); **оң-сол! оң-сол!** *түнд., эск.* илгери аял төрөй албай кыйналганда (бала аяк - башты болуп тескери келатканда) аны чайкап, терметкенде айтылган сөз (азыр бул туюнтма да, ык да эскирген).

ОҢ II: ишиң оңсун! *жерг.* ишиң илгери болсун, иш илгери; - *ишиң оңсун! - жолуң болсун!*

ОҢГО *батк.* ага; *Куватбай оңго макул болот* ("оно" болуп да айтылат).

ОҢГОР I *базк.* олбурлуу, болук; *о оңгор бала турвайвы ол.*

ОҢГОР II *батк.* 1. имерүү, буруу; *оңгорулуп туруп калды*; 2. *батк.* которуу; *о тилден бу тилге оңгоруп бере берет эде*; 3. ыйгаруу; *ого оңгоруп, алып койду*; 4. бир нерсени тууралап тартуу, тууралап коюу; *бизден камтама бовоң, оңгоруп койовуз*; 5. оң жолго салуу, түзөтүү; *жолдон цыкканды оңгоруп, жиндини жөнгөрүп каарылык кып турган шо киши.*

ОҢГОРУЛ *зам.* оңолуп түзөлүү; *оноу кызым пыйыл онду бүттү, энди иши оңгорулат.*

ОҢДО *жерг.* ийлөө, жасоо; *кара самын оңдойт эде.*

ОҢДОГОЙ *жерг.* оң болсо экен; *биздин бозой болсо дә ишини оңдогой.*

ОҢДОГУЧУ *жерг.* уста; *ол йәм деле оңдогучу.*

ОҢДОЛО *жжол.* кайра - кайра оңдоо; *калпагын оңдолоду.*

ОҢДУ *батк.* оймочу, узгер; *терме - тентектики, гажары - кайсардыкы, жүл - чоркоктуку, оймо - оңдунуку, чий - чевердики.*

ОҢДУW *пам.* келишимдүү, сын - сыпаттуу; *оңдуwга көзүм не тарттым, осолдон изә не тарттым?*

ОҢДУWЧА *пам.* өзгөчө, башкача; *оңдуwча көнүм сизге азды.*

ОҢКО *ыск.* адамга суук тийип ооруп, жел турганда (арка далынын бир жерине) стакандын ичине кичине кагаз күйгүзүп басылгандагысы; *аркама оңко койдурбасам болвой калды.*

ОҢКОЙМАТ *ыск.* оңкогой адамды

жактырбай калганда айтылуучу сөз; *оңкойгон оңкоймат кел эми коркутпай.*

ОҢКОЛ: оңкол–чоңкол *пам.* оңко – чоңко; *томолонуп онкол–чоңкол кетти.*

ОҢКОЛОЙТОН: оңколойтон болду *жжол.* жыгыла турган болду.

ОҢКОЛТОЙ *жерг.* оң тарап, оң жак; *оңколтойуга бериң, онойериге койуң.*

ОҢКОЛУУ *кочк.* бүркүт тумшук өңдүү келген кырдуу нерсе; *оңколуу мурун, чап жаак.*

ОҢКОМОЙ *лейл.* бир түз сызык сызып, анын так ортосуна бир чүкөнү оңко коюп, калгандарын оңконун тегерегине тигип, белгилүү аралыктан сака менен чертип атып ойноо; *онойакта балдар оңкомой ойноп жатышат.*

ОҢКОЧО *чүй.* тоңкочук; *кырмандагы саманга оңкочо атчувуз.*

ОҢКУЛДА *лейл.* онтоп үн чыгаруу; *оноwул кайда барат деп секин оңкулдады.*

ОҢКУЛУКТА *кочк.* оңкулдоо; *негедир ичивиз оңкулуктай түштү.*

ОҢНА *батк.* ооноо; *ат оңнаган жерде түк калат.*

ОҢОЙ *алб.* ык, жөн, кыяп; *оңойун таптым, мен алдым.*

ОҢОР *чатк.* оңой; *оңор бәләә мес, дәрт деп савагын алып алды.*

ОҢТОЙ *тал.* кыйшаюу, жантаюу; *оңтойо тартып келди эми.*

ОҢУТ *ыск.* оңтой; *оңуту келип калса, бирдеме дейбиз го.*

ОҢЧО *пам.* анча; *оңчо имне болду?*

ОО *суз., батк.* 1. таарынуу; *о дәм менен бу дәмдә оop турат*; 2. ачууланууу; *оңураңдаак киши окшойт, оop калыптыр.*

ООГАН: ооган тевиш *пам.* эки адам баштарын туташтырып оң тетири узунунан жатып, коюн – колтук алышып, оң буттарын көтөрүп, илине түшкөндө тебишип, оодара салышуу ойну; *ооган тевиште кимиси күчтүw болсо, шонусу owдарып таштайт.*

ООДАКТА *ыск.* жалтанып четтөө; *дит бага алвай жаш неме оодактады.*

ООДАР *жерг.* мал союу; *бир малды оодарып турат эде.*

ООДАРЫЛМА *жумг.* ооома; *оодарылма баатырдын оңолоор жайын билди.*

ООДО *ош.* кандайдыр бир иштин акыры, аткарылылышы; *оор иштердин оодосунан чыгалвады.*

ООДУЛ *тал.* 1. обдулуу; *оодулуп ордунан турду*; 2. умтулуу; *аттан оодулуп улакты эңди*; 3. дегдөө; *колдон келвес ишке көп оодулва.*

ООЖАЛ *өзг.* дүркүрөп күч алып өсүү; *бак–дарак оожалып кетиптир.*

ООЗ *пам.* тогуз коргоол ойнундагы биринчи уянын аты; *оозго көчүп, чуң кыган деп оовон созду.*

ООЗАК *тал.* оорсок; *уйду оозак саадым.*

ООЗАР *күл., кочк.* оозуна ээ болбой, чымчып, какшыктап сүйлөгөн адам; *оозар калп эде момунсунуп калыптыр.*

ООЗГУ *ыск.* бир нерсеге кире бериштин ооз жак бөлүгү; *оозгу үйгө кир.*

ООЗДАНДЫР *өзг.* оозандыруу; *онавы келаткандарды оозданды равыз.*

ООЗМАМА *суз.* оозго салып ойноочу гармошка; *оозмама ойногонду билбейт да, оозунан чыккан шамалды кара.*

ООЗУЛ *жжол., эск.* топ таш ойнунда таштарды бирден терип чогултуп, анан чогуусу менен колго топтоп алуу учуру; *оозулда таштыбирден жыйат.*

ООЙ *зам.* абышка – кемпир өз ара бири – бирине кайрылганда колдонула турган сөз; *оой, бүгүн*

базарга барып келиңиз (кемпирдин сөзүнөн); *оой, белимди ушалашып койчу* (абышканын сөзүнөн).

ООЙТ *түнд.* түн ичинде короодогу малды күзөткөндө сак сактоо маанисинде айтылуучу сырдык сөз; *короону карай эки-үч "оойт" деп кыйкырды.*

ООК I: оок-оок *батк.* өөш – өөш; *сыйырды оок-оок! деп зорго кайтарды.*

ООК II: оок-оок *атб.* үлбүл – үлбүл; *оок-оок созула жанган жалын.*

ООКУН *жетг.* оокам; *түн бир оокун болгончо, байакы кемпир отурду.*

ООЛА *лейл.* ооноо; *ат оолаган жерде түк калат.*

ООЛАҢ *атб.* мылтыктын кундагын беките турган нерсе; *түзүк айланайын, ооланды жакшы бекиттиң*; **дүмбө оолаң** мылтыктын стволунун түбү.

ООЛЖИВЕК *жерг.* салаанын аты жогу; *оолживек, ортон, чынчалак дечи.*

ООЛУ *тторо.* короо дубал; *оолуңан башың чыгып турган* экен.

ООМАЙ *ноок.* катаал; *оомай иштерди да аткарчу элек.*

ООМАЛ: оомал-төкмөл *акт.* оомалуу – төкмөлүү; *карачы, оомал-төкмөл оос тиймейди.*

ООМАТТУУ *тяньш.* жыргалдуу, бактылуу; *өмүрүңдүн акырына чейин ооматтуу бол.*

ООН *баткч.* он; *кой әйләнәйин оон эмес, тоогуз.*

ООНА I *жерг.* тээтетигине; *оона көрвөйсүңбү.*

ООНА II *лейл.* оо; *олор тәжик тилиге оонап кеткен.*

ООНА III *пам.* болжолдоп айтканда август айы; *оона айында чыккамбыз.*

ООНАВЫ *батк.* тиги, тээтиги; *оонавы ким отун алып жүргөн?* ("оонавул" болуп да айтылат).

ООНАН *атб.* жука жайылып, май сиңирилип, бууга бышырылган камыр тамак; *оонан – тамактын аты.*

ООНАНДА *жерг.* тетиги жерде; *оонанда балдар дүмкәлтәк ойноп жататтар.*

ООП *түнд.* кубаттоо маанисинде айтылуучу сырдык сөз; *ооп, азаматсың, ак жүрөксүң!*

ООР *жжол.* обор; *ооруп жүрүп ооруң ачылып калыптыр.*

ООРЛОШ *түшт.* ооруксунуу; *денеси оорлошуп жанчылды.*

ООРОВАЙ *тоң.* дөөпөрөс; *мындай ооровайды мактай берсе болову?*

ООРУН *жжол.* орун; *оорунга дем алып, ошо өйүз жакка барам.*

ООСАК *жжол.* оорсок; *быйыл болвой калды, уйду оосак саадым.*

ООСАР I *пам., ал.* орой, одоно; *жанагы оосар сүйлөгөн* неме.

ООСАР II *пам.* тиштээк төөгө катыла турган ноктонун бир түрү; *о төөтө оосар салат.*

ООСАРЛАН *жжол.* кер ооздонуу; *Оңолдун жанагы оосарланып айткан сөзү жаман.*

ООЧА *ыск.* куш күйгөн кишинин таштан корумдап жасап алган жашынма жери; *тигиндейрээк жерден ооча жасап алат.*

ООЧТО *тал.* оозду керүү; *оочтоп минер бүwдан бар.*

ООШ: оош-оош *суз.* жоолук таштамай; *жә оош-ооштu кыйын ойнойт.*

ООШКЕЛ *батк.* коштогу өгүздү кайра кайруу үчүн айтылчу сырдык сөз; *о бир вакта оошкел деп кайрат эделер.*

ОП I *лейл., батк., жерг.* 1. темин басканда куйрук улай же кыркар тизилген өгүз, жылкы, эшек; *ол кошот ко дейм*; 2. *атб.* "өгүз оюн"

деген оюнда бир жерде түркүк болуп түз турган киши.

ОП II *зам.* чүкө өкчөөдө айтылчу сырдык сөз; *оп, алчы түш!*

ОПА *жжол., эск.* оору, дарттын бир түрүнүн аты; *олордун уругу шол опадан кырылган* (азыр мындай оору учурабайт).

ОПАЛАҢ *чүй.* лөк, зор, локуйма; *койо берсе, айавай опалаң болуп келет эле.*

ОПӘРИН *лейл.* жасалга; *жакшы опәрин болуптур, олор да билер.*

ОПБАЛАА *ыск.* 1. баланы өйдө кылып көтөргөндө айтылуучу сырдык сөз; *опбалаа, келе гой, кел, опаа кылайын*; 2. таң калганда, кубанганда айтылуучу сырдык сөз; *опбалаа, менин колума да карга чычты.*

ОПЕКИ *батк.* темин басканда оп майдага кошкон жаныбарлардын так ортосунда турганы; *опекини бошотуп жүгөрвө, бошотсоң оп мәйдәләр кетет.*

ОПКЕЛ *чатк.* бир кулак суу; *дарчадан бери опкел өтөт.*

ОПКОНА *батк.* тегирмендин ноосуна суу кире турган жердеги жай; *суw опконага жык толуптур.*

ОПКОН *лейл.* чуңкурайып чөгүп кеткен жер; *Кулундуда опкон көп;* соргок, тойбос; *ол опкон болуптур, ончо-мунчага раазы боводу.*

ОПКОРЕК *жерг.* бөдөнөгө суу куюп бере турган идишче; *опкоректи ана шонон сурагыла.*

ОПКУТ *тал.* кир, какач; *опкутту тазалап жүр.*

ОПО *ал.* кыял, ой; *өлүш кевей опого овкатым деп ол жүрөт.*

ОПОК *батк.* 1. күнөөкөр; *отурса йәм опок, турса йәм опок*; 2. жалпак; *отурса опок дейт, турса сопок дейт.*

ОПОКӘЛЛӘ *батк.* башы чоң, узундугу отуз – кырк см. келген кескелдириктин түрү; *кач эле кач, опокәллә жүгүрүп баратат.*

ОПОЛУРААК *акт.* кооптонуп окчундабыраак; *чыканагына жаздык койуп, ополураак олтуруп, мейман күттү.*

ОПОҢ I *түнд.* өтө майда тартылган ун; *бул ун абдан опоң экен.*

ОПОҢ II *жжол.* атка минип жүрө албаган; *опоң деп атап, шылдың кылышат*; **опоң-опоң** *жерг.* сороң – сороң эткендик; *суwур опоң-опоң этип оттогону чыкты*; **опоң-чычаң** *ыск.* дөңгөчтү туурасынан коюп, анан ага узунунан тактай же жумуру жыгач таштап, анын эки учуна эки бала отуруп, бири өйдө – бири ылдый болуп ойногон оюн; *опоң-чычаң ойнойбуз.*

ОПОҢДО *жерг., батк.* секирең – секирең этүү; *сугур опоңдоп чыкты, колумду шого туштасам, уйасыга кирип кетти.*

ОПОС *өзг.* туура эмес, жалган, калп; *палоон болвосо да, алоон болсун, опос айтпа.*

ОППА I *батк.* скакалка; *оппа менен секирип ойнойвуз* ("оопай" болуп да айтылат).

ОППА II *түнд.* секиргенде, оор нерсени көтөргөндө, же колдон тартып өзүн карай жулкканда айтыла турган сырдык сөз; *оппа, бир-эки-үч, алгыла!*

ОППАЙ *түнд.* таң калганда айтыла турган сырдык сөз; *оппай, эки буту тырайат да.*

ОППАЛЕК *пам.* өйдө турарда, орундан козголгондо, аттанарда айтыла турган сырдык сөз; *оппалек, эртеге Савайарга барам*!

ОППИРИМ *пам.* адам обдулуп өйдө турганда айтыла турган сырдык сөз; *оппирим, карыганда буwун калтырайт экен деп өйдө болду.*

ОППО *батк.* ай – эй, ой – ой, ой – бой; *оппо, тим отурчу*; **оппо пәләкәт** кайгырганда, кейигенде айтылчу сырдык сөз; *оппо пәләкәт, ого жәмән*

болгонбу?; ◊ *оппо, әгәлик өлгөн турвайвы! кайран гана, аа!*

ОППОЙ *жерг.* олдо түгөт, алда кокуй; *оппой, дәрчә менен киреви?*

ОПРИМОЙ *пам.* чочуу, жүрөкзаада болууну түшүндүрүүчү сырдык сөз; *опримой, шол жыгылбагыдай эде.*

ОПСОП *батк.* жаш баланы сооротондо колдонулчу сырдык сөз; *такталарга тизилип, опсоп!*

ОПСОР *чүй.* опкок, соргок; *опсор, кичине тура тургула, бошоп калар.*

ОПСОРУН *чүй.* ач көздөнүү; *ал киши опсорунуп сүйлөйт.*

ОПТУКЕЙ *ыск.* обу жоктук; *анын оптукейи кармабасын дагы.*

ОПТУКЕЙЛУУ *ыск.* "оптукейи" бар; *бир оптукейлүү окуйанын күвөсү болдум.*

ОПТУР *батк.* "гәләгөw" кылып темин басканда орто жерде бир эле орунда айлана берүү; *ала өгүз эгин жәнчкәндә оптурат.*

ОПУЛДАК *ыск.* кол машинага май куйгуч; *кол машийненин опулдагы кайда?*

ОПУР *батк.* казуу, бошотуу; *оттон түшсөң дә* (бирдеменди алдырып, уурдатып жиберсең да), *шу йерди опуруп кой.*

ОПУРУК I *суз.* кош ооз опурма; *бу бузулган опурук эде.*

ОПУРУК II *чатк.* 1. тоонун жарылып жылып кеткен урандысы; *ой, вой, әәй, оо оногу опурукту карачы*; 2. суу жеп кеткен жар; *опуруктан нары өтөвүз.*

ОПУТ *батк.* сууга түшүрүү, киринтүү; *баргыла кара сумта опутуп кегиле.*

ОПЧУ *лейл.* 1. оп айдап темин бастырган киши; *опчуну кычырчы, эңке менен ашык ойнойлу*; 2. кырмандын кызылын кызылдаган киши; *о нымтир богон менен дәндин кыйын опчусу.*

ОПЧУН *батк.* 1. кык чыгаруу үчүн сарайдын боорунан тешилип коюлган оюк, тешик; *опчундан көңдү ыргытып там башыга чыкты;* 2. *өзг., батк.* коргондун түбүндөгү суу өтүүчү тешик; *опчунга суу топкаптыр* (толуп калыптыр); 3. суу аккан арыктын желип, адам өтүүгө мүмкүн болбогон, мал түшүп кетсе чыга албаган жери; *опчунга тыгылган экен, зорго чыгардым.*

ОР: ор койон *жжол.* эркек коён; *тентектин ишин оңгорсун эми, ор койон атканын көрөбүз го.*

ОРВОЙТ *ал.* ормойтуу; *тумшуктарыны орвойтот.*

ОРГАЧАР *түшт.* очогор (жоо – жарактын бир түрү); *оргачар әлеки саатта тавылвас.*

ОРГУЙ: оргуй–бургуй *тал.* өтө кызык окуядан эргип айтуу; *оргуй–бургуй окуйа айтты.*

ОРГУЛУК *жерг.* орууга жарамдуулук; *беде оргулукка жетип калыптыр.*

ОРГУЛЧАК *лейл., терг.* көздүн чанагы; *оргулчакта от күйөт, ысык көлдө ит үрөт* (таб. бөрүнүн көзү, бака, бул сөз "ордочок, ордочордо, оргучак, оргочор" болуп да айтылат).

ОРГУН *өзг.* мыктынын мыктысы; *оп, балам, ушу балдардын оргуну сенсинби?*

ОРД *жерг.* ун; *ава, эки чыпта орд бериң.*

ОРДО I *өзг.* сеп; *алтын менен чырмаган ордо бир берди өз атам.*

ОРДО II *жерг.* эл көп чогулган, жыйылган жер; *элдин чогулган жерини ордо дейт*; **ордо карамай** *пам.* ордо ойнунда уттурган адамдардын кур кол калышы; *Тойгонбай жак ордо карамай болду*; **ордо кулак** *ноок.* 1. ордо ойнунда оюнга катышпаган кишинин бир – эки жолу оюн сурап алуусу; 2. бул оюнда "кан" кеткенден кийин чүкөлөр бирден тартып үчтүн үчүгө

калса, "кан" алган жак чүкөнү эки эсе, берки жагы бир эсе кылып, бөлүп алуу жолу; *ордо кулак кан кеткенден кийин гана болот.*

ОРДОМЧУЛУ *тторо.* ач көз, сараң, опкок; *илгери ордомчулу зулумга жем болушкан кедейдер.*

ОРДУК *батк.* тыным, тыныгуу, дем алуу; *ордук алып басалы.*

ОРЖҮН *кочк.* бүркүттүн ак күбү түшкөндөн кийин чыгуучу жүнү; *күвүн күвүдү, оржүнү чыкты.*

ОРЗУ *жерг.* каалагандак, тилегендик; *мен шунча орзу кылып жүрдүм ки, шу сени көрөйүн деп.*

ОРК: орк эт *тыньш.* корс этүү; *Ташмат орк этти.*

ОРМО *ыск.* көбүнчө түлкү алып, алган аңынын колтугун жарып жиберүүчү бүркүттүн аты; *ормо алат түлкүнү, бизге салат күлкүнү.*

ОРМОН *чатк., терг.* колдун манчасы; *он ормон, ормон жарбанга берди, жарбан жардан алыс ыргытты* (таб. манча, тил).

ОРМОНКАРА *лейл., батк.* тамыры өрүлгөн чачтай болуп оролушуп өскөн өсүмдүктүн аты; *ону ормонкара, бовосо өрмөкара дейт.*

ОРНОШ *алб.* очорулуу; *адам отура берсе, орношуп калат.*

ОРО I *батк.* курсак; *мунун оросу толмойунча, ишке барвай отура берет.*

ОРО II *түшт.* курчоо; *чийе бөрүлөр бизди орогон.*

ОРОW I *пам., жерг., батк., лейл.* ороо; *оромун оңдоп "дувал жемирилсе да, ичиге жыгылсын"*; **кәләк орow** *эск.* илгери келин аларда кайната тарап кызга келип, аны көчүрүп кетер алдында ага элечек ороо салты (кээ бир жерде келинди кайнатасыныкына алып келгенден кийин, аны үйгө киргизбей туруп элечек салышкан. Бул салт өткөрүлгөндө мал союлуп, оюн – зоок, кечелер өткөрүлгөн. Элечекти жолу узун, бала – чакалуу, өмүрү узун кемпирлер орогон. Кемпирлер жигит жактан болгон. Азыр бул көрүнүш эскирген); **кол орow** *лейл.* бешиктин колдун тушуна келе турган боолугу; **пут орow** *өзг.* 1. чулгоо; 2. кичине баланы орой турган төрт бурч төшөкчө; *балага пут орow жасап берди*; **тең орow** *зам.* көрпө – төшөк орой турган нерсе; *тең орowgy алып кой.*

ОРОW II *жерг.* 1. ороо; *жүгүрүп бардым корowго, түшүп кеттим орowго* (таб. төшөк); 2. *пам.* чакмак таш ойнунда сол колдун сөөмөйү менен бармагын тегерек кылып, таштарды терип, ага салуу учуру; **кичине орow** бармак менен аты жокту бириктирип жогорку процессти кайталоо учуру; **чоң орow** бармак менен ортонду бириктирип "орow" процессин кайталоо учуру; **муз орow** *карс.* ичине муз же кар төшөп, сабиз көмүлгөн ороо; *сәвизди жайга жеткириш үчүн муз орow кылавыз*; **орow гапкан** *алк.* элик, кулжа кармоо үчүн терендиги эки метрдей ороо казып, анын үстүн жука бир нерсе менен жаап, топурак чачып, аң уулаган ык; *орow гапканга билвей түшүп кетет.*

ОРОГО *ноок.* уюл; *башыда орого бар.*

ОРОГОЙ *ноок.* копол, одоно; *орогой – орогой, ортон колу сорогой.*

ОРОГОН *пам., жерг.* унду майга кууруп, анан суюга кайнатып, үстүнө сүт куюп, коюу жасаган тамактын аты; *орогон кылып берди*; **жарма орогон** буудай, меке ж.б. нерселерди кууруп, сокуга салып жанчып, анан жасаган тамак; *жарма орогон кылган экен, жей берип мәзә кылдык;* **нан орогон** нанды майдалап, жасаган тамактын аты; *нан орогон жесең теллетет экен*; **умач (мач) орогон** унду жууруп, анан алакан менен

ушалап майдалап, кайра электен өткөрүп, тоголоктоп, сүткө бышырып жасаган тамактын аты; *эне, умач орогон кылчы.*

ОРОГОЧ I *батк.* тез оргуч; *эң эле орогоч болуп кетиптир.*

ОРОГОЧ II *батк.* оромчул; *жипти орогоч колдор ороп калышты.*

ОРОГОЧУР *ар.* абдан жакын, жанаша келүү, чукул баруу; *орогочур келип чукуп кетет.*

ОРОДОҢ *жерг.* түсү кызыл, жалбырагы майда келген өсүмдүктүн аты; *ородоң – сонун өсүмдүк.*

ОРОЖО *зам.* жүктүн бетине жабылуучу кештелүү буюм; *жүккө орожону жаап кой.*

ОРОЗАТТУУ *жжол.* абийирдүү; *орозаттуу жигиттер савак оку.*

ОРОЗГЕР *жерг.* 1. оокатчыл, тиричиликти сүйгөн; *жакшы орозгер жанат, жакшы болбосо танат*; 2. үй – бүлө; *үй орозгеривиз кызып калган*; 3. турмуш – тиричилик, чарбачылык; *ол өз орозгерин өзү гылдыратып жүрөт*; ◊ **каада көвөйсө, аш көвөйөт; орозгер көвөйсө, баш көвөйөт** – жалпы эле турмуштун жыргалы, үй – бүлөнүн көбөйүшү жөнүндө айтыла турган туюнтма; **орозгердин дәртидән Орозбай менен тааныштым, тиригликтин дәртидән Тилләвәй менен тааныштым** *батк.* оокат – тиричиликтин айынан кимге гана көз карабадым деген мааниде айтылчу туюнтма.

ОРОЗГЕРЧИЛИК *батк.* үй оокаттык; *аган пулумду орозгерчиликке жумшайм.*

ОРОЗГОР *зам.* жаңы үй салганда аны куттуктап алып барылган жууркан – төшөк, чыны – чайнек ж.б. белек буюм; *биз байкавай отура бервейли, орозгор кылып келели.*

ОРОЙ I *зам.* 1. төбө чачтын уюлгуп оролушкан жери; *төвөсүдө эки ооройу бар экен*; 2. *ал.* бийик; *орой – орой тоw келсе, онон өтүп кетемин.*

ОРОЙ II *лейл.* килем согула турган жип; *орой жипти нары салып кой.*

ОРОЙ III *ыск.* эне аарынын уядан качышы; *орой болгондо эне аары балдары менен челектен качып чыгат.*

ОРОЙ IV *ыск.* кыйгач; *күн да орой чыгар.*

ОРОЙ V *пам.* 1. жалбырттаган; *орой – орой от күйөт, кара көлдө ит үрөт, шывак башы шырп этет, карга башы корк этет* (таб. бөрүнүн көзү, бака, шамал, мөндүр); 2. бийик, улуу; *орой – орой тоw, онон өтүп кетемин.*

ОРОЙЛУУ *батк.* ырыстуу; *олоң чачтуw кымызым, оройлуw кызым жылдызым, оң жамбаш менен жат. Умай эне, Буву Батма энелери койнуң ач, эрке кызың өзү келди, мээриминди бери чач* (кыз баланы бешикке бөлөгөндө айтыла турган сөздөн).

ОРОКЧУ *ал.* чымчыктын орок мезгилинде (күзүндө) учурулган балапаны; *үчүнчүсүнү орокчу деп атайт.*

ОРОЛ I *лейл.* 1. уюлгуган коюу кара чач; *оролдой сенин чачыңа оролуп*; 2. төбөнүн уюлу; *кәлләсидә оролу бар веке*?

ОРОЛ II *суз.* 1. жетилүү; *он экиде оролдуң*; 2. алаксуу; *ойго оролуп, айылыма көз чаптырдым.*

ОРОЛДУУ *чүй.* күчтүү, алдуу, кубаттуу; *оролдуу чыгышка көмөк кылат.*

ОРОЛМО *чүй.* көк пияз, сабиз туурап, жука жайылган камырга май аралаштырылып, оролуп бышырылган тамак; *оролмо жасап живерген тура.*

ОРОЛО *тал., сейр.* аралай чабуу; *отту оролой чапкан байбарак баатыр* (таб. от, кычкач).

ОРОЛОШ *ноок.* алп урушуу,

санаага батуу; *кандайдыр бир ойго оролошуп отурат.*

ОРОМО I *суз.* жайылган камырга каймак, же май сүртүп, ичине чала бышырылып майдаланган эт, пияз салып же жөн эле ороп, казандагы сууну кайнатып, анын буусуна табак көмкөрүп бышырган тамак; *оромо пышты, казанды чыгар.*

ОРОМО II *чүй.* капкандын өзгөчө бир түрү; *оромо койгонду да билет* (кээде аны "оромо капкан" деп да айтышат жана ал сөздү "тиштүү капкан", "бир чавар капкан" деген капкандан бөлүп айтуу үчүн колдонушат).

ОРОМО III *пам., жерг., лейл.* сырты таар, ичи кийиз менен шырылып жасалган ат жабуу; *эргип учкан атыма оромо жасатам.*

ОРОМОЛ *жерг., батк., лейл.* 1. жоолук; *ак бетинди жәширгән оромолуң жыртылсын*; 2. *лейл., эск.* өлүктү мүрзөгө коёр алдында эркектерге берилген жыртыш; *өлүк үстүдө эркектерге оромол берет* (бул көрүнүш азыр эскирген); 3. *акт., жерг.* аттын баш – аягы, куйругу ачык калтырылып, калган денеси бүт оролуп чулгана турган жабуу; *аттын оромолун жыйнаштыр*; **ак оромол** болотной жоолук; *ак оромолуң хуп жарашат*; **ат оромол** *жерг.* аттын көкүрөк жагы оролуп эки жагы сээрине жеткен жеринен топчуланып, арт жагы куйрукту басып санга жетип, ат тердегенде кошумча ала кийиз же башка калың жабуу кошо жабылган үртүк; *ат оромолуң алып кел*; **дас оромол** *суз.* чоң бет ааркы; **жүнән оромол** *өзг.* жүн жоолук; *жүнән оромолуң оңуп кетиптир, канча жуудуң эле?* ("жүн жоолук" деп да айтылат); **зыйада оромол** жибек сымал жоолук; *зыйада оромол алып бер*; **карс оромол** *зам.* кооз гүлдүү жоолук; *карс оромол жарашат*; **кәнәп оромол** *жерг.* тор жоолук; *кәнәп оромолуң кимге куштар?*; **кәптәр мойун оромол** *лейл.* кырмызы сыяктанып кубулуп турган жоолук; *кәптәр мойун оромолдон онун бети көрүнбөду*; **кыркма оромол** *лейл.* анчалык чоң болбогон чачысы өзүнөн чыгарылган жоолуктун түрү; *үч кыркма оромол бар экен*; **сагызган куйрук оромол** *төл.* жылтырак жибек жоолук; *сагызган куйрук оромолуң жарашат*; ◊ **эрди-катындын урушу-дәкә оромолдун жыртышы** *суз.* болор – болбос иш деген мааниде айтылчу туюнтма.

ОРОМОЛЧОН *батк.* бойго жетип турмушка чыга элек кыз; *оромолчон тамашага чыгавы?*

ОРОМОТТО *өзг.* ордонун тегерек сызыгын тооруп айлануу; *ордого барып оромоттоп бойлоду.*

ОРОМПАЙ *жумг.* кыштын күнү чампадан чана жасап ойноо ойну; *оромпайды музга катырып ойноочувуз.*

ОРОН *батк.* чыгаан, чоң ирдүү; *онунда орон ат болгон.*

ОРОНО I *пам.* чыгаан; *ороно күлүк кызыл ат.*

ОРОНО II *өзг.* инструменттин аты.

ОРОНЧЕЛЕК *жжол.* элечек; *кутманымдын барында орончелек түшчү эмес.*

ОРОҢ *ноок., батк.* олоң; *ороң чач болду алганы.*

ОРООМ *түшт.* үйдүн жанындагы огород, участок; корук; *айлым Чоң-Кара, үйүмдүн жанында ороом бар.*

ОРООЧ *түнд.* 1. бир нерсени ороп ала турган буюм, товар; *бир ороочуң болсо, ала чык, баланы ороп алайын*; 2. ороого дан салганда топурак, ным болбосун деп коюлган саман; *ороочуң калың кыла көр.*

ОРОПОЙ *чүй.* жаш балдардын улам бир бутун тизесинен бүгө көтөрүп секирип ойногон ойну;

оорувайны буттарың, оропой тээп ойносоң? (кай бир жерлерде "оромпой, оронпой" деп айтылат).

ОРОПАРА *түшт., тал.* тушма – туш, бет мандай, карп – күрп; *бегам эле кетип баратсам оропара болду* ("орой пара" болуп да айтылат).

ОРОСКЕЛ *чүй.* орунсуз, эпсиз; *жолдошумдун сунушу ороскел көрүндү.*

ОРОСКӨЙ *зам.* сарамжалдуу; *бечара тим эле оросköй келин экен.*

ОРОШО I *тал.* койдун кыгы; *орошо чогултуп албыраган бетинен кан тамат.*

ОРОШО II *өзг.* жыгач табактын бир түрү; *орошо берсең, Мөктүн сувун ичкендей моокум канар.*

ОРОШО III *суз., сейр.* орозо; *орошоңду тутуп көрдүм – ашы жоктуку экен, аталаңды ичип көрдүм – тиши жоктуку экен, намазыңды окуп көрдүм – иши жоктуку экен* (лакап).

ОРТОКЖАН *түшт.* курбулардын өз ара урматташып кайрылуусу; *ортокжан, келиң быйакка, келиң!*

ОРТОЛУУ *ноок.* орточо; *шамал ортолуу болуп турат.*

ОРТОЛУК *түшт.* 1. орто жер, орто аралык, орто чен; орто аралыктагы жол; *ортолук менен жүргүз*; 2. *түнд.* чолпунун, чач учтуктун узунунан келген, кооздолуп жасалгаланган бөлүгү; *ортолуктун бетине асыл таш, шуру чөгөрүлөт*; 3. *батк.* "каттама" жана "каш тунна" деп аталган куралтардын ортосуна салынган кызыл түр; *ол кызыл түр ортолук деп аталат*; 4. *ал.* арасында; *шунун ортолугуна унутуп калам.*

ОРТОМОЛ *ноок.* ортон; *сөөмөйдөй, ортомолдой түшүптүр.*

ОРТОМЧУ *батк.* эки ортодо жүргөн арачы киши; *ортомчуга кирбей койду* ("ортончу" болуп да айтылат).

ОРТОМЫЙАН *ыск., кочк.* 1. бирөөгө акаарат сөз айтпаган, купшундабай түз жүргөн, кайда жумшаса кабак – кашым дебей бара берген адам; *эл арасындагы ортомыйан жигит*; 2. *жумг.* ортозаар, орточо жай кыймыл; *ортомыйан тартканда каймак көп чыгат.*

ОРТОН *карс.* ортодогу мамиле, көңүл; *ону менен Алымдын ортону сууду.*

ОРТОНОЙ *жжол.* ортон; *бүлдүргөсүн ортонойуна илип алды.*

ОРТОҢКОЛ *жерг.* чикит ойнунда баласын оң колдун ортоңку жана бармагынын учу менен кармап, бармактын салаасындагы энеси менен чабуу учуру.

ОРУW *зам.* оору; *оруw болсо йәм орунунан чыкпай койвойт экенин айткывыз бар*; **кара оруw** бел оорунун бир түрү; *кара оруw кирди белиме*; **кой оруw** *жерг., пам.* адамдын ичегиси түйүлүп ооруган оорунун аты; *ол кой оwру менен оwруган*; **чоң оруw** *терг., эск.* чечек оорусу.

ОРУЛ *батк.* үйдүн камыш чатыры; *коркок коркокко орток беле, орулга чыга кал.*

ОРУН *жерг.* корунуу; *кат жазуwдан орунат.*

ОРУНПАЙ *өзг.* киши отура турган жер; *орунпайга орун ырастачы.*

ОРУНЧА *алб.* карыз үчүн жаш мал алып, анын ордуна кийин чоң мал бергендик; *орунча деп козунун ордуна борук берет.*

ОРЧОМДУУ *кочк.* олуттуу; *орчомдуу окуйа болсо кайрылат.*

ОРЧОК *ыск.* арбайып – тарбайган, бодур – содур болгон; *орчок–орчокту билбесе, шылдың шөкөткө калбайбы.*

ОСАР I *жерг.* ооздук; *әйшәтәң келип осар сурап кетти.*

ОСАР II *өзг.* келесоо чалыш; *алтоwдун ичидеги осары шо.*

ОСИЙОБОН *жерг.* тегирменчи; *багбанга осийобон келиптир.*

ОСМОКЧУЛА *батк., жерг.* чекмелөө, сыноо; *сөз тартып көрүү менен бир–эки осмокчулап сурап көрдү.*

ОСМОН *пам.* курсагы ак, жону бир аз каралжын балыктын түрү; *осмон балык чоң, кара бозгуч келет.*

ОСОЛ *батк.* 1. күптү; *гөштү көп жеп, осол болуп турам*; 2. сапаты начар; *осол ун агандай*; ◊ **осолум он пул болду** *алб. абийрим айрандай төгүлдү*; **осолду осол кылвасаң, ол осол кылат** *жерг.* уяты жоктон тартынба деген мааниде айтылчу туюнтма.

ОСОЛДО *батк., эвф.* дүйнөдөн кайтуу; *осолдоп калыптыр.*

ОСОН I *зам.* жаш баланы колго алып эркелеткенде айтылчу сырдык сөз; *осон–осон–осон кыз, айдай–күндөй толчу кыз.*

ОСОН II *чүй, сейр.* кабыгын ааруп салып, анан ачытып "сей" жасай турган өсүмдүктүн аты; *осонду бистин дунгандар эгишет.*

ОСОН III *батк.* батынуу; *чакырваса, осонуп барыш кыйын.*

ОСУРАК *зам.* оңко; *ашык осурак түштү.*

ОТ I *өзг.* оокат, тамак; *от алып келдим*: ◊ **өзүвүздү отко койуп алалы** *жжол.* бир аз тамактана коёлу.

ОТ II *акт.* тыюуну, чочууну туюндуруучу сырдык сөз; *от, тентек десе, тигине тетиги бадалды кара.*

ОТАН *пам.* 1. оокат, турмуш, ынтымак; *отаныңды кызытсаң, от жакпагандын отаны күйвөйт девейт*; 2. *батк.* үй – бүлө; *бир отандын ишенген карааны элең*; 3. *өзг., лейл.* мекен, ата – журт, орун – жай; *шу жерди ата–бабалар отан кыган*; 4. конуш; *жәйлөөгө эл отан кыгандар* ("отон" болуп да айтылат); **миң баш отан** *баткч.* ынтымаксыз – ырксыз үй – бүлө.

ОТАНДУW *пам.* мекендүү, эл – журттуу; *отандуw киши овкаттуw* (мак).

ОТӘШИН *зам.* өрттөй курч; *вой–вой, ол отәшин жигит.*

ОТБААШЫ *пам.* бир топту башкарып тейлеген сыйлуу адам; *чыгаан акылдан әм хаталык кетет, чыгаан отбаашыдан әм әйип кетет* (кай бир жерде "отага" деп аталат).

ОТЖАГАР *батк.* "төкмөдө" ар кыл майда иштерди аткарып, үй ээсине жардам берген жаш бала; *бир жәширәәк отжагар болот.*

ОТЖАКПАС *жерг.* өзүнчө бир жерге байыр албаган, өз алдынча оокат күтпөгөн адам; *отжакпасың осолдоп калыптыр бүгүн кандай болор экен.*

ОТКАНА *батк., жерг.* тамак – аш бышыра турган үй; *идиш–айак отканада.*

ОТКЕР *жжол.* оттоок мал; *откер деймин атыңды.*

ОТКЕТТИ *ноок.* кыз тоюнда ойноло турган оюндун бир түрү; *Автоломдун ойуда откетти кыздын тойуда.*

ОТКУЧ *баткч.* от жаккыч; *бир колуң откуч, бир колуң туткуч.*

ОТОW I *лейл.* 1. отоо; *отowдо отуруп өнөрлүw–өнөрмән, өлвөс дептир*; 2. боз үй сымал төбө жагы чуштугуюраак келген чоң, үйдөй таш; *отow ташка чыгайынбы?*; **ак отow** *батк.* ак өргөө; *ак отow – owзу пүтөw* (таб. жумуртка); **отow сактаган** кара далы.

ОТОW II *тал., батк.* чөп отоо; тамекини отowдон ажыратпаса болбой кала турган болду; **шалы отow** *шалы отоло турган мезгил* (шалы: кылал отow, күрмөк отow болуп эки же үч жолу отолот).

ОТОГО *ыск., эск.* илгери

жонгорлордун учурунда элди башкарган адамдардын өзгөчө бийлик белгиси; *көз отого сайынып, көрүңө төрө болгон дейт* (бул атоо азыр эскирген).

ОТОК *акт.* 1. эгиндин өйдө көтөрүлүп калган учуру; *отоктон мурда кара сугат жүрөт*; 2. *өзг., батк.* отоо; *шалынын бешинчи отогун отоп жатавыз*; **оток–чавык** отоо – чабуу; *отоксуз–чавыксыз болбойт да.*

ОТОЛО *кочк.* ай жаңыруу; *жарыктык ай отолоду.*

ОТОН *тал.* чээн; *айуw отонун көздөй кетти.*

ОТПУШ *пам.* эшекти токтотуу үчүн айтылган сырдык сөз; *отпуш–отпуш! – деп жатып эшекти араң токтоттум.*

ОТТОW *батк., жерг.* жайыт; *Ормузанда оттоwум, Маргаланда сuwлоwум.*

ОТТУ: оттусу түз *кем.* жакшы, дурус чыккандык; *алардын келини оттусу түз чыгыптыр.*

ОТТУК I *ыск.* мал оттоп жайыла турган жер; *үйдөн жогорку оттукта бада.*

ОТТУК II *тторо.* торпокту биттегенде сууруп таштай турган тамыр; *оттукту сууруп салып, анан бууйт.*

ОТТУК III *атб., сейр.* ширеңке; *кары адамдар ширеңкени оттук дей берет.*

ОТУК *лейл.* даап батынуу; *жүрөгүм отукпай турат.*

ОТУРА *ал.* орто жер, аралык, чеп; *отурасадан орун бер.*

ОТУРГУЗМАЙ *чүй.* таш ойнунда бир ташты өйдө ыргытып, калганын төрт бурчка жая таштап, анан төртүнчүсүнөн баштап биринчисине чейин алуу кырдаалы; *отургузмайды төрт бурчтук кылып койуп алат.*

ОТУРУК *чүй.* отургуч, стул; *кичинекей отурук бар эмеспи.*

ОТУРУКЧАН *батк.* тургун; *отурукчан болуп калып кеткен.*

ОТУРУШ *ыск.* кандайдыр бир кубанычты, белгилүү күндү, сыйды белгилеп, бир нече көңүлдөш адамдардын чогулуп зыяпат өткөрүүсү; *отурушка катышып келдик*; ... **жору отуруш** *тоң.* ээрге зоңкоюп отуруу; *жору отуруш менен отуруп күңкүйүп келатат.*

ОТУУК *чүй.* бир жерге, жайга орун – очок алып туруп калгандык; *Нарындагы отууктан алып кетет.*

ОУ: оу–оу *түнд.* уй, музоону жем – сууга чакырууда колдонулуучу сырдык сөз; *оу–оу, кел, кашкам, кел!*

ОТХАНА *жерг.* устачылыкта чоюн эрите турган печканын от жагуучу жери; *печкенин экинчи бөлүгү – отхана.*

ОХЕК *жерг.* акиташ; *барып охек ап келчи, үйдү актайлык* ("охак" болуп да айтылат).

ОХЛО, охлоw *суз.* үбөлүк; *охло дейт экен.*

ОХОЙ *зам.* кемпир – чал бир – бирине карата кайрылганда колдонулчу сөз; *охой, үйдө самын кавай каптыр.*

ОХРЕК *жерг.* тегирмендин уну түшө турган акырчасы; *охрекке түшкөн ундан сал.*

ОХТЫМ *лейл.* канагаттанып ыраазы болгондукту туюндуруучу сырдык сөз; *бәли көтөр, охтым!*

ОХХУ *суз.* таң калганда айтыла турган сырдык сөз; *охху, бүтүн таза көп кар жааптыр.*

ОХУШ *ноок.* окуу; *уwлум Пурунзада охушта.*

ОЦОҢ: оцоң–цыцаң *батк.* очоң – чычаң; *оцоң– цыцаң ойногонбуз.*

ОЧОЙМАТ *түп.* очорулуп козголо албаган адам; *белим ай–белим ай, ий, белим, тура албаган очоймат болдум ээ.*

ОЧОЙМО *түп.* очорулгандык; *очорулган очоймо, тур өйдө, жөнөдүк.*

ОЧОК *жерг.* 1. айланасы тегерете тоо менен курчалган, орто жери жайык бош келген жер; 2. *батк.* там үйдүн от жагуу үчүн салынган мору бар печкасы; *очоктун мору, дәкчәси болот*; 3. *пам.* "бөөрү корow" ойнунда утуш чеги белгиленген жер; **кәттә очок** *жерг.* "алоохонада" чоң казан асыла турган очок (мындан башка да ал үйдө "ортоңгу очок, кичик очок" болот); **очок башы** *пам., жерг.* келин келгенден бир нече күн өткөндөн кийин ага арналып атайын тамак жасоо жөрөлгөсү (келин ушул күнү казан – аяк кармап, элге тамак сунган. Ушул жөрөлгөдөн кийин келин үй – бүлөнүн толук мүчөсү катары эсептелген да, үй ичиндеги маселелерди чечүүгө аралашкан); **очок казар** *зам.* тойдо очок казгандар үчүн берилүүчү акча; **очок күттү** *тяньш.* үй – жайлуу болуп турмуш курду.

ОЧОККАНА *өзг.* очогу бар жай, үй; *очокканаңы зыпылдатып шыпырып жатат.*

ОЧОКТОЙ *лейл.* өтө оор, өтө салмактуу; *очоктой оор деп артпай койду.*

ОЧОКУ *батк.* ордунан баспай калган, бечел; *очоку, очойвой өлгүр, жәйиңдә отура беревисиң?*

ОЧОРОМ *пам.* очорулма; *очором он айда, үрөөгөн үч айда, жакшы жарым айда* (таб. адам, ит жана түлкүнүн төрөт мезгилдери).

ОЧУ: очу – бучу *ал.* ана – мына; *очу – бучу дейт.*

ОШ I: ош – ош *батк.* уйду айдаганда колдонулчу сырдык сөз; **ош – ош башынды жегир**; **ош – ош, кәл!** кайырганда айтылчу сөз.

ОШ II: ош – ош *ноок.* жоолук таштамай ойну; *ош – ош деген ойун ойнот эдек.*

ОШАҢ *зам.* ошого; *ошаңа пулла оройт.*

ОШӘТ *батк.* опуза; *бир ошәт кылып койуң.*

ОШЕК *алб.* ошол жак; *ошекти Эшек – Тарткы дейт экен, эшектин белин жейт экен* ("ошйиек, ошйен" болуп да айтылат).

ОШЕНДЕТ *түшт.* ошентүү; *ошендете бербе.*

ОШЕРЕКИ *тторо.* ошол жердеги; *ошереки ак ташка эл сыйынат.*

ОШЕТ *лейл.* ошол жер; *ошетте Токтогул шалкы күwдү чертет.*

ОШО *ош, терг.* толгоо; *ошову?, ошо окшойт.*

ОШОWУ *зам.* ошол; *пишегивиз бар эде, ошоwу онду туwуптур.*

ОШОЙЕК *суз.* ошол жак; *силос болвой турганын ошойекке үйдүк.*

ОШОНДАКА *суз.* ошондой; *ошондака какшатып белди жейт экен.*

ОШОНОГУ *чатк.* ошол, ошонун өзү; *кирдилериңби деген ошоногу.*

ОШОҢГО *чатк.* ошого карата; *ошоңго жараша кеңеш кылам.*

ОШПУР *атб., атк., тторо.* күчсүз, жалакай, жалкоо, бош, начар; *түштүк жерге баспаган ошпур ат экен.*

ОШТУ *лейл.* 1. көңүл; **оштуwу жок** көңүлсүз; **оштум тартпайт** каалабайм; 2. *ал.* күч.

ОШЧЕН *түнд.* ошол чен; *ошченде кекилик учса, кудуйт экен.*

– Ө –

ӨWЛУ *тал.* бутактан жасалган суу тоскуч; *өwдү жанында о киши жүрөт, карачы.*

ӨВӘЛӘШ *батк.* кандайдыр бир ички туйгуну сыртка чыгарганда айтыла турган сөз; *өвәләш, уттумбу сени!, энди пышырыш өнөрдү үргөтөвүсүң?*

ӨВӨ: өвө–дөвө *жерг.* үймөлөктөшкөн нерсе; *өвө–дөвө болгон отун, сүт пышырганга жетет.*

ӨВӨК I *жерг.* 1. жүк жүктөлгөн унаанын жонуна калыңдап салынган токум; *өвөк салвасаң, аркасыга жүк өтөт*; 2. төөгө жүк жүктөгөндө көкүрөгүнө тартылуучу жип; *төwгө өвөк салат.*

ӨВӨК II *жерг.* өөк; *чычкан сойуп уч кулач өвөк алдым* (калп оюндан).

ӨВӨЛГӨ *өзг., жумг.* ээрдин астына коюу учуп жасалган тоголок түпүрөк; *ээрдин баш жагына же аяк жагына тоголоктоп өвөлгө койот.*

ӨВӨЛДҮРҮК *ноок., жерг.* көмөлдүрүк; *өвөлдүрүк, шалаң болот, ону өвөлгө деп бервейт.*

ӨВӨС *пам.* өлбөс; *өвөскө кагыр өлбөскө калгыр* (каргоо).

ӨВӨТӨЙ *тоң.* шалкы; *өвөтөй тартып, бош көрүнөт.*

ӨВӨЧӨКТӨ *кочк.* жан тартып үйрүлүп түшүү; *мурдун шор тартып, бөвөгүнө өвөчөктөйт.*

ӨВӨШКҮН *батк.* көмөлдүрүк; *өвөшкүндү эгер өргө чыкканда артка кетпесин деп койот.*

ӨВҮЗ *жжол.* өйүз; *ал өвүздүн жылкысы так–так тевишет.*

ӨВҮЛГӨ *жжол.* кандайдыр бир тайманбастык иш; *ал элге барып эрдик көрсөтсө, өвүлгө кылды дейт.*

ӨВҮП *батк.* өөп; *мурдуңду тут, өвүп әләйин.*

ӨВӨЛДӨЙ *ал.* ника тойдо "тогуз табак" алып келе жатканда кыз – күйөө жактагы аялдар бири – бирин өбүшүп, мурун өпкөн жагына бир кийимдик "иш" берилгендегиси; *өвүшмөйүңөргө бергенивиз ошо.*

ӨГДӨ *акт.* күсөп чамынуу; *маң букалар өгдөп жүрөт.*

ӨГЛӘ *алб.* калың топ; *калың болсун деп өглә жерде өвөк тәштәди.*

ӨГӨЙНӨ *ноок.* дарылыкка пайдаланыла турган өсүмдүктүн аты; *өгөйнөнү алдыга өвөк койуп жүрүп таап келди.*

ӨГӨЛ *пам.* сүйөнүү; *олор өгөл деп сүйлөйттөр, шондо сөйөнүп калат.*

ӨГӨҢ *тал.* тамекинин жипке тизилген жалбыректарын илип кургатуу үчүн казык кагылып, сым тартылган жай; *өгөwдү койуп өгөңдү оңдошуп койчу.*

ӨГӨWҮЧ *тал.* өгөө; *өвөлгө берейин өгөwүчүмдү тапчы.*

ӨГӨР *батк.* өкчөө; *новатың келип калды, өгөрвөйвүсүң?* ("өгүр" болуп да айтылат); **өгөр–өгөр** *жерг.* чүкө калчаганда айтыла турган сөз; *кой ашыгы коногоч, актай койдун ашыгы, жаныбарым, аппак алчы, өгөр–өгөр! чүкө чүлдүр, элди күлдүр, мулугум, ий, мулугум, гүл мурзадан улугум ий*!

ӨГҮЗКӨЗ *суз.* жүзүмдүн барсагай мөмөлүү келген түрү; *өгүзкөзүнү ал деп кулагыны көтөрөт* (шыкак берет, оолуктурат, күүлөйт. Кээде ал "өгүзпөз жүзүм" деп да аталат).

ӨГҮЗОЙУН *атб., эск.* топ балдардын бири "оп" болуп, калганы ага чуркап келип мине калып, күч сынаган оюн; *өгүзойунда көп эле бала ойнойт* (бул оюн азыр ойнолуудан калып калды).

ӨГҮРМӨЙ *лейл.* өкчөмөк оюну; *өлгөн өгүз балтадан кайтпайт дейт, өгүрмөй ойной бер.*

ӨДӨ I *батк.* үдөө; *бир иштин өдөсүдөн чыкпайт ол.*

ӨДӨ II *ал.* өйдө; *суw көтөргөн өдөгө дамыктыңбы келинжан.*

ӨДӨБУРАЛ *батк.* өйдө, илгери; *сенден өдөбурал эде, бүгүн көзү алма терип калыптыр* (көңүлү жайында эмес) (кээде "өдөбараал" болуп да айтылат).

ӨДӨГЕР *батк.* өйдөсүнө алган, себепкер болгон; *ашык ойногон азса, кой багып куйрук жеген озсо – өзү өдөгер.*

ӨДӨГӨР: өдөгөрүп ал *батк.* милдетин алуу; *бажарам деп өдөгөрүп алдыңбы?*

ӨДӨЛҮШ *батк.* өр, бийик; *өдөлүшкө кегенде суwу кайнап кетти мәшинәнин.*

ӨДӨМ *батк.* колдон бир нерсе келүүчүлүк, ишке жарамдуулук; *өдөм бала болду, иш аткара берет.*

ӨДӨМДҮW *батк.* жарамдуу; *өдөмдүw жигиттердин бири ол.*

ӨДӨМСҮ *батк.* кыйынсынуу, өйдөсүнүү; *шамек чөптү йәм билем деп өдөмсүйт, товаа.*

ӨДӨНЙӘМ *ал.* өйдө, жогор жак; *өдөнйәмдә пычан көп, шого баравыз.*

ӨДРӨӨН *өзг.* жайык, өрөөн; *өдрөөндө кыштоо жок эле анда.*

ӨЖҮРӨ *өзг.* 1. балдар отуруп, жатып жүрө турган кичинекей бөлмө; 2. дан сактай турган жай; *бейвактын иши белгилүw, өжүрөгө дан ташы.*

ӨЗВАШЧА *жерг.* өз башынча, өз алдынча; *өзвашча жүрө берет.*

ӨЗГӨК: өзгөк – жалгак *жерг.* чала тоют; *өзгөк–жалгак болуп калат.*

ӨЗГӨНӨ *тал.* бөтөнчө, айрыкча; *өзгөнө коwун өскөн тилке сонун.*

ӨЗГӨР *лейл.* кубулуу; *түштөн кийин өзгөрүп берет.*

ӨЗГӨРМӨРӨӨК *түшт.* өзгөрүлмө; *өзгөрмөрөөк адам экен, алтымыш жашка кириптир.*

ӨЗМӨ *ал.* ойноок; *өзмө көз кыз келдилер.*

ӨЗӨК I *жжол.* карандыз өсүмдүгү; *айылдан өзөк издеп тава алвадым!*

ӨЗӨК II *карс.* от тамызуу үчүн майдаланган тамызгы жыгач; *о жарган отундан өзөк чыгарып кой.*

ӨЗӨК III *түнд.* оюмдун бир түрү; *өзөк салам деп кыйын болду кылганым.*

ӨЗӨКСУ *өзг.* өзөккө түшүп кетүү; *өзөксуп өлөйүн деп жатыппы?*

ӨЙДӨ *ал.* өтөө; *иштин өйдөсүгө чыкпаган аланкасар бовосун?*

ӨЙДӨЛӨМҮШ *батк.* өр; *өйдөлөмүш жер чыгат.*

ӨЙДӨЛҮШ *атб., суз.* жогор жак; *өйдөлүштө мал жокпу?*

ӨЙДӨМСҮЗ *батк.* ысырапчыл; *өйдө–төмөн кәфилини мойнуна алың, өйдөмсүз девейвиз.*

ӨЙДӨШ *ал.* өр, тик; *өйдөшкө карап кетти.*

ӨЙКӨЙ *жжол.* өңчөй, бир кылка; *өйкөй өйдө көч – ылдый көч* (эл кайда көчөт жандыгы) *жайылып кетиптир.*

ӨЙӨК *батк.* ал жак, ошол жак; *өйөккө өтүп кеттиппи?*

ӨЙРӨ *баткч.* тигияк; *өйрөдө деди, өзүмцул болвосоң урмат кылып кел.*

ӨЙРӨW *батк.* тететиги; *өйрөw теректе өзөлөнүп ойноп жүрөт.*

ӨЙУ *тоң.* үбөлөө; *үч эм койлорго өйүп жем берди.*

ӨЙҮН *ыск.* өөн; *кесинди–өйүндөрдү чогултуп ары таштап.*

ӨЙҮТ *ыск.* жүрөктөгү кандайдыр бир санаа, жүрөк өйүгөн кооп; *бир ызгаар өйүттөң кутулдум.*

ӨЙҮШҮН *пам.* өгүзгө, топозго салынуучу куюшкан; *өйүшүндү оңдоп бек тарт.*

ӨК I *батк.* сырдык сөз (өгүздү, уйду айдаганда колдонулат); *өк! – өк! деп әйдәйттәр.*

ӨК II: өк–өк *пам.* саканы өкчөөдө "кон" деген мааниде айтылуучу сөз; *саканы өк–өк деп өкчөйттөр.*

ӨКӘЗ *ал.* бир күнкү, өткөндө; *Беккул карыйа өкәз шаарга барып келди.*

ӨКӘСКИ *алб., зам.* баштагы, баягы; *өкәски үйдүн пешайванындагы кеште жакшы түшкөн.*

ӨККҮЗ: куда өккүз *зам.* музоо баш; *пүчөк чыгыптыр, бовосо өккүздү алып келип көрсөтөт элем.*

ӨКПӨ *батк.* өпкө; *пахтанын үчүнчү сугатыда жүрүп өкпөсүгө сууук өткөн экен.*

ӨКСӨР *чатк.* кетилип азаюу; кичирейүү, бөксөрүү; *улам билинбей өксөрөт.*

ӨКСҮ *ал.* суусоо, чаңкоо; *өксүп келдим чөлдөрдөн.*

ӨКСҮК *жерг., эск.* боз үйдүн босогосунун эң аяккы үч сакаганагына эч буюм илдирбегендик; *камчы, мылтык илсе, өксүк болот имиш.*

ӨКСҮЧӨӨК *ноок.* улам эле өксүй бергендик; *шол бала өксүчөөк болуп калды, көңүл буруң.*

ӨКСҮКТҮК *батк.* кемдик; *этеги чөпкө илинди, өксүктүгү билинди.*

ӨКТӨ *жжол.* 1. кекээр; *акырын сызылып өктө кылды*; 2. таарыныч; *өзүңө айтар өктөм бар, акылдашар ишим бар*; 3. *ноок.* үстөм; *эл баатыр, элге өктөм кыган бовойт.*

ӨКТӨМӨ *пам.* кийимдин бир түрү; *өктөмө деп жатып пыгы кайтып калыптыр.*

ӨКТҮЛҮW *жжол.* ич күптүүсү бар; *анын өктүлүw дилине күw толуп кетти.*

ӨКҮЛДӨТ *пам.* өлкүлдөтүү; *токмогуну токулдатып, өгүзүнү өкүлдөтүп жетип келди.*

ӨКҮМДӨР *жжол., эск.* Кокон хандыгынын учурунда өкүм чыгарган, өкүм көрсөткөн буйрук ээси.; *өкүмдөр: өзүвүз?!, кантип?! – деп кыйкырды* (азыр бул түшүнүк, атоо эскирген).

ӨКҮМЗАА *ноок.* өкүмчүл; *өкүмзаа өтүгү тагдырга баш ийип тамтыгы чыкты.*

ӨКҮРӨЙ *батк.* акыраюу; *өкүрөйүп каравачы!; өкүнү өwзуңа күчүң жетпей пык этип күлгөнүң жетишет.*

ӨКҮРӨЙТ *батк.* акырая кароо; *көзүн өкүрөйтүп тиктеп калыптыр.*

ӨКҮРҮК *жжол.* чыгаан, мыкты; *өкүрүк чечен болвосо, көзү көрүп не кылат.*

ӨКҮТ *суз.* тукуруп шыкактоо; *дагы кач, кач дагы! – деп, өкүттү, ал ич күйгөндөгү сөзү эле.*

ӨКҮТТӨЛҮҮ *акт.* өкүттө жүргөндүк, өкүтү бардык; *өкүттөлүү өзүң буларга эмне кошумчалайсың?*

ПАРЛА I *чатк.* сеп катары бериле турган кездеме: *айрыкча парла алганга көз сал.*

ПАРЛА II *түшт.* төгүлүү, куюлуу; *сүйүнүп көз жашы парлады.*

ПАРЛА III *жжол.* ымдоо; *көзүн парлап алып, кайра кадала тиктеди.*

ПАРМАЛ *түшт.* канат; *ат – жигиттин пармалы.*

ПАРМООЛ *базк.* универсал трактору; *пармоолго селке байлап, әгәт кылып эгет.*

ПАРМУРУН *ноок.* барбак; *пармурунду караң, пәмилдәрдән шәкәрәп жасап жатат.*

ПАРО: паро – паро *суз.* бириндеп чачыраган нерсе; *канаттары паро – паро, пәрдәш менен көрүң.*

ПАРОW *батк.* куш жаздык; *әйнек парданы тартып, парowду алып бер.*

ПАРП: парп – пурп *түшт.* кекиликтин канат кагышын тууралгандыкты билдирүүчү сөз; *кекиликтер парп – пурп эте түшкөндөй болду.*

ПАРНА *чатк.* үстү – баш, кийит; *парна берүw болгон беле?*

ПАРНАК *ал.* 1. мурду дардагай; *ол парнак о айванда отурат*; 2. мактанчаак; *мен бакуваттмын деп парнак адам гана әйтәт.*

ПАРПАЙТ *пам.* барбайтуу; *бааш бармағыны парпайтып, айылга кирип чын әйтип.*

ПАРПАРА *жерг.* канат күүлөп учкандык; *ак шумкар учат парпара.*

ПАРПАСТА *батк.* эрен – терөөн кылбоо, этибарга албоо; *бул жерде көп парпастаба.*

ПАРПАША *өзг.* чыт; *парпаша көйнөк кийгизет.*

ПАРПЫК *лейл.* үлкөн деп аталган өсүмдүктөн жасалган тамак; *үлкөн парпык пыштывы?*

ПАРПЫРАК I *жерг.* жука материалдардан көйнөк астынан кийүү үчүн жасалган кийим; *парпырак шамалга тийсе пар–пар этет.*

ПАРПЫРАК II *батк.* чүпүрөктөн тегерек гүл өндөнтүп жасалган курак; *берсең–аласың, эксең–оросуң, үйрөнсөң–жасайсың, шо да, парпыракты көрсөң курайсың.*

ПАРПЫРАТ *батк.* желге удургутуу; *парпыратып көйнөк кийгизет.*

ПАРРА: парра–парра *батк.* быт – чыт; *парра–парра кылып жүгөрдү.*

ПАРСАК *пам.* чандагай; *иштевеген парсак адам парсайа койвос.*

ПАРСАНАК *өзг.* жооруп ыйлактаган кабарчык; *колу парсанак болуп чыгыптыр.*

ПАРСАНАКТА *өзг.* барсаюу; *колум парсанактап кетти.*

ПАРСЫЛДА *жерг.* тарсылдоо; *жер тәгидә жездекем аты парсылдайт.*

ПАРСЫЛДАК I *батк.* башында уругу болуп, көбүнчө коён оттой турган өсүмдүк; *жээним, койон жеген парсылдакты көрдүң беде?*

ПАРСЫЛДАК II 1. *батк.* коондун кабыгы жука, өңү агыш, өзү анчалык чоң эмес, даамы таттуу, сууну азыраак талап кылган, ооруга тез алдырган сорту; *парсылдак коон жакшы болову?;* 2. *батк.* өрүктүн бышканда эти сөөгүнөн өзү ажырап турган сорту; *парсылдак пышканда сүйөгү өзү бөлүнөт.*

ПАРСЫЛДАК III *батк.* ар кыл кооздуктардын бетине бөрсөйтө түшүрүлгөн майда, кичине көбүңкү бөлтөк; *парсылдак пүүлүктүн бетиде болот, иц жагыдан урат.*

ПАРСЫЛДАК IV *жерг.* колго барсайып чыга турган оорунун аты; *оновунун колу парсылдак боптур.*

ПАРСЫЛДАК V *жерг.* кулактын тарсылдагы; *кулагыңдын парсылдагыны жулайынбы?*

ПАРСЫНПАРС *жжол.* ылайдан чыны түспөл кылып ортосун көндөйлөп жасап, анан жерге үн чыгара уруп ойногон оюндун аты; *бизде парсынпарс ойносо, парс–парс этет.*

ПАРТ I *өзг., батк.* карындын ички быдыр ала бети; *карындын парты болвос, оокат токтовойт;* ◊ **парты кетип шарты каган** арпы жок, тарпы бар.

ПАРТ II *зам.* жапайы кекиликти кармоо үчүн колго үйрөтүлгөн кекиликти тузакка байлап сынап көрүү жолу (эгер бакма кекиликти жапайылары келип чокуп, талап коркутуп койсо, ал сайрабай калат, анда ишке жарабайт, ошон үчүн адам жакын жатып, кекиликтер келип түшөрү менен тез барып, аны бакма кекиликке чокуттуруп көнүктүрөт); *бир парттан чыккандан кийин жарай берет.*

ПАРТ III *батк.* бук; *эки көз көрвөй парт болдум.*

ПАРТ IV *пам.* сүйлөөк, бабыр; *ол сөз богон менен жүдә парт, гәп ура берет.*

ПАРТ V *батк., эск.* илгери дарым учурунда колдонулган сөз; *ак–парт*

– *кызыл парт, сары парт, сүүлүү парт* (азыр бул сөз эскирген).

ПАРТ VY *жерг.* балп этүү; *парт деп әйтип берди.*

ПАРТАЙ *пам.* үксөйүү; *дөшкө чыгып жантайып, мурду башы партайып* (таб. аюу).

ПАРТАЛ I *зам.* керек; *парталдан чыгып калдык.*

ПАРТАЛ II: партал ат *акт.* очойто жүк жүктөлгөн ат; *партал атты жетелеп, улуу жолду төтөлөйт.*

ПАРТАҢ *жерг., батк.* 1. жалпы эле өзөктүү өсүмдүктөрдүн жазы, чоң жалбыректары; *арыктардын бойуга партаң көп чыгат*: 2. уйгак өсүмдүгү; *аткулактан кийин партаң өсөт* ("партың" болуп да айтылат); *сасык партаң батк.* сабак – жалбырагы топ болуп чыгып, суулуу жерге өнүп, өзөгүнөн чоор жасала турган өсүмдүктүн аты; *сасык партаңды азыр мал жевейт, кышта жейт.*

ПАРТАҢЧАЛ *чатк.* өнү боз болуп, шилби сымал өсүп, бирок андан жоон келип, майда жалбырак алып, кабыгы калың тартып, өзү катуу болуп, агыш гүл ачып, анча бийик өспөй, тамырынан да, уругунан да көбөйө турган жыгач өсүмдүгү; *партаңчалды Ак-Көлгө баратканжерден көрсөтөм.*

ПАРТАП *батк.* оюнда колдонулган амал, куулук; *ала каргада алымсагың болсун деп партап колдоно берве.*

ПАРТАПЧЫ *батк.* амалкөй, амалчы; *гырамдыгыны билгизбей утуп алган партапчы бовосун.*

ПАРТЛА *зам.* жарылуу; *эки бочка партлап кетиптир.*

ПАРТОW *жерг.* адам катуу ооруп, ордунан тура албай калган учур; *үч-төрт күндөн бери партоw болуп жатат.*

ПАРТЫЛДА *ал.* көтөрүлүп өзгөчөлөнүп сүйлөө; *о ол бир партылдады деңмен тым болдум.*

ПАРТЫҢ *батк.* балдыркан сымал келген өзөгү көндөй өсүмдүктүн аты; *партыңдын сасык түрү йәм бар.*

ПАРТЫШ: пала-партыш *зам.* чачылган, эптеп – септелген; *үйдүн ичи пала-партыш боп жәйнәп кавасын.*

ПАРЧА I *батк., пам.* жибек сымал кездеменин аты; *жаккан отуң арча болсун, жамынганың парча болсун*!; **өрүм парча** *жерг.* күрөштө, ат чабышта, оодарышта жигиттер башына байланып ала турган жоолук; *өрүм парча башыда, өлбөсүн жигит жашыда;* **парча той** *зам.* турмушка чыгуучу кызга көрпө – төшөк, товар ж.б. алып барган күнү өткөрүлчү кичине той; *онун кызыга парча той келди.*

ПАРЧА II *жерг.* бөлүк, кесим, үзүм; *бир парча нан сындырып берчи.*

ПАРЧАН *батк.* тегиздикти өлчөй турган курал; *парчанды алып, тегиздигини көрөйүн.*

ПАРЧОW *жерг.* сууну эки жакка бөлө турган тосмо; *парчоwто алың келвей соwдаң пүткөн экен.*

ПАРЧЫН *ноок.* бетине жука калай кадалып, ага ар кыл оюм түшүрүлүп, кооздолуп жасалган, боорунда төрт бурч ачылмасы бар сандык; *парчынды үйдүн мээравыга койот.*

ПАРЧЫНДУW *ноок.* «парчыны» бар сандык; *парчындуw сандык бизде бар.*

ПАРЫЛДА *жерг.* албырттап күйүү, дуулдоо; *от парылдап чыкты.*

ПАРЫҢ *пам.* мол, жыш; *ичи караны ит кават деп, парың эле айтат эде.*

ПАС I *түшт.* 1. төмөн, ылдый; *айбы чыккан жигиттин узун бойу пас болот*: 2. жапыз; *чөптөн пас, суудан тынч*; 3. майда, кичине; *илгери пас иштер көп болгон*; 4. жөнөкөй;

көтөрбөс киши – мас, сыпаа киши – пас; 5. начар; *кас кылганың – пас болгонуң*: 6. *зам.* сараң; *өрөгөн жүдә пас адам*; **пас болду** шагы сынды, уялды; **пас кыл** болду, токтот; **акылы пас** *лейл.* келесоо, жинди, кайсар; *сулуулардын жүрүшү әй, кахках уруп күлүшү әй дегениге караганда ол акылы пас;* **негизи пас** ач көз, сук.

ПАС II: бир пас (дайыма бир деген з менен колдонулат). 1. бир аз; *бир пас токтой туруң*; 2. бир паста эми эле, заматта; *бир паста жок кылат.*

ПАСААТ *батк.* 1. токтоо кармагандык; *чакчаңдава пасаат кыл*; 2. жооткоткондук; *маңа көп пасаат берве.*

ПАСААТТУУ *батк.* токтомдуу; *ол пасаттуу жигит болуп өстү.*

ПАСАЙ *батк.* 1. бөксөрүү, азаюу; *гәвинин пардасы кетип деми пасайды*: 2. үлбүлдөө, солгундоо; *жалыны пасайып калды.*

ПАСАҢ I *батк.* 1. кол таразанын эки табагынын бирдей абалга келтирилгендегиси; *пасаң бәйләвәсәң, таразынын пәлләси бирдей бовойт;* 2. *зам.* тең салмак; *барсам–барвасам өзүмнүн тавым, өзүм пасаң келем.*

ПАСАҢ II *ноок.* маданияттуу; *ол жүдә пасаң бала;* **алыпта пасаң** *батк.* сыланкороз; *ол алыпта пасаң болуп калыптыр.*

ПАСАҢ III *алк.* кыйынсынган, элпексинген; *коркок ат өз көлөкөсүнөн коркот деп пасаң болво.*

ПАСАҢГАЧА *пам.* басандаганга чейин; *күн пасаңгача туруп тур, бовосо бетиде пардасы жок дейт.*

ПАСАҢЧАЛАТ *өзг.* басандатуу; *пасаңчалатып кой, паныз чырагыңды.*

ПАСКЕЧТИК *жжол.* төмөндүк; *ону паскечтик деп түшүндү.*

ПАСӨРҮК *батк.* өрүктүн данеги ачуу, бийик өспөгөн түрү; *пасөрүк болсо йәм бош кап тик турвас.*

ПАСТА *жерг.* төмөндөө, ылдыйлоо; *энди пастап олор келет.*

ПАСТЕЙ *ал.* кичине, жапыз; *арча пастей–пастей болуп өсөт.*

ПАСТЕК: пастек–пастек *түшт.* тоокту кубалап кармоодо колдонулуучу сөз; *пастек–пастек деп тоокту кармап жүрөт.*

ПАСТЫК *түшт.* төмөндүк, жооштук, мококтук, начарлык; *ол пастык кылат, болбосо палоохан төрө чоздурат эле.*

ПАСТЫҢГЫ *лейл.* төмөнкү; *пастыңгы айылда мәәрәкә болотумуш.*

ПАСЫК I *пам.* жеңил – желпи, тез жүрүш; *пасык жүрүш жүдә катык болот.*

ПАСЫК II *батк.* жүрүм – туруму, акыл жөндөмдүүлүгү, адамгерчилиги ж.б. төмөн; *ата–энесини сыйлаваса пасык болот.*

ПАСЫКТЫК *батк.* төмөндүк; *сен ишке пасыктык кывагын.*

ПАСЫР: пасыр–пусур *батк.* бачыр – бучур; *пасыр–пусур от күйдү.*

ПАСЫРА I *түшт.* азыраак аянтчага эгилген дан, ошол дан айдаган участок, анын түшүмүнөн бирөөгө жардам кылып берилген эгин; *аз эле пасыра септим.*

ПАСЫРА II *ноок.* огород; *пасыраны өзү эле эгип алды.*

ПАСЫРА III *батк.* бачыроо; *от пасырап кетти, өрүкчүлүктө отурганда.*

ПАСЫРАТ *жжол.* карсылдата чайноо; *малчасынан пасырата чайнайт.*

ПАСЫРАЧЫ *ноок., эск.* илгери кичине эле аянтка өзүмдүк эгин айдаган дыйкан; *ону пасырачыларга живерген экен* (бул атоо азыр эскирген).

ПАСЫРКА *жерг.* делөөрүү; *түш көргөндөй пасыркава, дәңгәсә болуп насыркава.*

ПАТ I *жерг.* түк; *пат гилем, пат гүл болот, ону пасык болсоңуз жуwуксуз жүрсөңүз көрсөтөм.*

ПАТ II *батк.* чүкө ойнунун бир түрү; *ойунду үч пат, беш пат деп эки кыл ойнойт.*

ПАТ III *жжол.* канаттуулардын майда, жумшак жүнү; *патын териси менен кошо сыйрып таштады;* ◊ **патыны шаар урвады** убаданы бузуу.

ПАТА *суз.* чуңкур; *беш терек, беш теректе беш пата.*

ПАТАГӨЙ *батк.* батачыл; *артыда патагөйү бар веке?*

ПАТАЗ *батк.* 1. ирин; *патазыны сыгып таштасаң айыгып калат;* 2. каар, ачуу; *патазы чыгып, көңүлү жәйигә түштү.*

ПАТАЗДА *батк.* ириңдөө; *тикен кирген жер патаздап кетет.*

ПАТАПАТ *батк.* мотоцикль; *патапат мәшинәдән тез чуркайт.*

ПАТЕНДЕ *пам.* этият кылуу; *адыргы чапкан анда өлдү, кылыч чапкан мында өлдү* (эринчек болбой) *бовосун, патенде.*

ПАТМАГҮЛ *батк.* барпагай баш алып, кызыл күрөң түстөгү түктүү гүл чыгара турган өсүмдүктүн аты; *патаның кайда отун жаралы? – патмагүлдүн жаныда жатат.*

ПАТМАН *жжол.* токтом; *патазы чыкты десем, патман кылат белең.*

ПАТМАЧЫЛЫК *ноок.* өзүмчүл; *баатыр тапса бәәри жейт, патмачыдык тапса өзү жейт.*

ПАТПЕРЕК *батк.* ичке катылган сыр; *патперекти чыгарып жүгөрвөсүн.*

ПАТРА *батк.* тапыроо; *кекилик патраганда кекиликтер көвүрөөк келишеттер.*

ПАТТА *пам жерге.* 1. улак тартканда сый катары бериле турган майда белек (самын, көлөч, чарчы ж. б.); *көк бөөрүдө патта берет;* 2. *өзг.* улак таштала турган жер; *улакты паттага жеткирип тәшә;* **кәттә патта** *пам.* баш байге; *кәттә патта үчүн бетиден пәти чыгып турат;* ◊ **паттанды берейинби?** *өтм.* сенден кечейинби, топурак түйүп берейинби (ачуу келгенде айтылат).

ПАТТОЛТО *пам.* майсыз, тузсуз, унсуз чөбөгө; *жасаганы паттолто, андазасы алты кулач, көркөмү көп* (чыгымы көп пайдасы аз).

ПАТЧА: баш патча *пам.* баш – аягы менен, бүтүндөй; *энеси бармагын тиштеп, эттиң әй, баш патчасы менен кетти деди.*

ПАТЫР I *жерг., ал., батк., лейл.* көптүрүлбөй ачытылбай туруп эле казанга, же дандырга, же болбосо атайын унду жумуртка чегилип аралаштырылган сүткө жууруп, анан ийленген камырдын бетине «сейдаана» себилип, саймаланып, асемделип жасалган нандын түрү; *ун болбосо камыр кыл, нан болбосо патыр кыл, ун салайынбы кудагый, күл салайынбы кудагый* (сөз ойнунан) **бурама патыр** *лейл.* жууган же сары май аралаштырылып жуурулуп, анан айрандан дагы бир аз сүйкөлүп, бышкандан кийин кайра жууган же койдун эриген куйрук майын сүртүп желүүчү нан; **жапма патыр** ачытылбай әле сызык аралаштырылып жасалган нан; **жылдырма патыр** бетин чеккич менен чеккилеп, сызык же жаңгактын маңызы кошулуп жасалган нан; **май патыр** *жерг.* майга жуурулуп, кичирээк жана тегерек кылып бышырылган нан; **как патыр** ачытылбай эле какталып бышырылган нан; (кээ бир жерде май, сүт кошулуп, бирок катуу

жуурулуп, үстү бүт майда чегилип жасалат); **кактама патыр** *лейл.* казан нанга караганда чоң тегерек кылып жасалып, отко кактап бышырылган нан; **катырма патыр** *жерг.* печкага кактап бышырган нан; **көңтөрмө патыр** *лейл.* көмкөрмө нан (кээде ал "төңкөрмө патыр" деп аталат); *көптүргөн патыр* камырды жумшак жууруп көптүрүп жасаган нан; **очок патыр** *батк.* очокко кактап жасалган катырма; **сүт патыр** сүткө жууруп бышырган нан; **таш патыр** *жерг.* камыры катуу нык жуурулуп жасалган нан; ◊ **камырдын алдыдан бир патыр** *батк.* бир ишти бүтүрбөй жатып кайра чачуу, шашмалык кылуу, кайра бир ишке дап берүү (бул туюнтма "хамыр, хамыр учудан патыр" деген түрдө да айтылат); **патырдан кыл чыкпас, бахылдан пул чыкпас** *суз.* тазада кыл жок, ичи тарда марттык жок.

ПАТЫР II: патыр–путур *түшт.* тапыр – тупур; *ой, патыр–путур дей түшкөндөй болводуву.*

ПАТЫРА I *ноок.* 1. дабыроо; *көпчүлүк патырап күлүп калышты*; 2. арсаландоо; *акылың жок экен дейт патырай берсең.*

ПАТЫРА II: патыра – патыр *батк.* үстөккө – босток; *патыра–патыр жүгүрө верет.*

ПАТЫРАҢ I *лейл.* чоң, далдайган көк жалбырак; *бойунун пэстигидөн патыраңда көрүнбөй калды.*

ПАТЫРАҢ II *батк.* орду менен иш кылгандык; *ыктап сүйлөвөй мыктап сүйлө* (*түзүн айт, туурусын айт*), *бовосо патыраң дейт*; **кәллә–патыраң** опур – топур; *тойдо кәллә–патыраң боп кетпесин*; **пала патыраң** *пам.* чак – челекей; *балдар пала–патыраң болуп да айтылат.*

ПАТЫРАҢДА *батк.* орду жок эрдемсинүү; *ой койчу, патыраңдай берве.*

ПАТЫРЧА *батк.* "патыр" нанынын кичинекей бир түрү; *патаачыга патырча бервейт.*

ПАХ: пах–пах *пам.* ичиркенгендикти туюндуруучу сырдык сөз; *пах–пах, үшүп кеттим.*

ПАХАЛ *өзг., суз., батк., лейл.* 1. бакал; *шалы пахалдан алып бар*; 2. *жерг.* шакел; *сыйырдын акурудан пахалдарды тазалап чыгарып тәштә.*

ПАХАЛА *жжол.* "пах – пах" деп кайталап айтуу; *пахалап желпингендер жок.*

ПАХАНА *зам.* тепкич; *пахана менен чык.*

ПАХАТ *өзг.* чатак, чыр; *пахат иш болуптур.*

ПАХСАЧӘӘК *жерг.* кичине бакса; *дувалдын үстүгө бир пахсачәәк койсоң болот.*

ПАХСАЧЫ *жерг.* дубал уруп, короо – там салганга устат киши; *о пахсачыга патаа кеткен.*

ПАХТАЖЫГАЧ *батк.* өзөгү катуу, ичке жана бутактуу келген жыгач өсүмдүгү; *пахтажыгачты отун катары пайдаланат.*

ПАХТАЗАР *түш.* пахталуу аянт, пахта айдалган жер; *пахтазар деп ырга ат койду.*

ПАХТАКАТ *пам.* жерге жабышып чыгуучу саргыч чөптүн аты; *пахтакаттан көп эле апкел.*

ПАХЫР I *жерг., пам.* 1. байкуш, жоош; *пахырдын аткан жери, бакчыктын жаткан жери* 2. алсыз, арык; *пахыр эчки паанада, котур эчки коровgo.*

ПАХЫР II *өзг.* калайдан жасалган кичине чайнек; *әкә, пахырды көргөн жоксузбу?*

ПАЧАК I *батк.* 1 колдон чыгып калган, жараксыз; *сенин тукумуң* (жумурткаң) *пачак болуп кетти;* 2. майдачыл; *очогунун бовру карарбаган (күлү доло болбогон) пачак адам бовосун.*

ПАЧАК II *жерг.* сынык, тилинди, чачыранды, тешик; *терезеси тым эле пачак–пачак.*

ПАЧАК III *батк.* жибек кутучасынын бүрүшүп начар болуп калганы; *өрүк северинин жаныда пилләнин пачагы жатат;* **кара пачакош** пилланын начар, жука оролгону; *кара пачак – пилләнин начар сорту.*

ПАЧАК IV *жжол.* чынжырдын тогоосу; *зынжырдын пачагын карап көрсөң.*

ПАЧАКТА *жерг.* 1 тешүү, кесүү, тилүү; *ол жайды пачактап чыгып кетти;* 2. жаруу, талкалоо, майдалоо; *дөңөчтү пачактап отун кылды.*

ПАЧАТАРАН *жжол.* ит мурун сымал келген, бирок андан кичине, жапыз болуп өсүп, түбү бош чыккан тикенектүү өсүмдүктүн аты; *пачатаран бул жерде өсө берет.*

ПАЧЧАВА *зам.* тымтыракай; *иштин паччавасьны чыгарып жүгөрвө.*

ПАЧЫ *кул.* сылай сыдыруу; *жоон манжалары менен оң–солду пачый сыдырды.*

ПАШ *жерг., эск.* селденин оролуп келип, ийинден ылдый көкүрөккө түшүп турган бөлүгү; *сәлләнин башы бир кула* (азыр бул атоо эскирген).

ПАША *өзг., эск.* падыша; *илгери бир паша болуптур*; (бул атоо эскирген); **ак паша** *зам.* канымдат ойну; *ак паша ойнуда: паша, вәзир, сопу, ушру болот* (бул оюн азыр өтө сейрек ойнолот).

ПАШАЙЫ *жерг.* шайы, шайы жоолук; *жоолугуң кызыл пашайы, жол жүрүп алдым атайы;* **пашайы көчөт** *пам.* "пашайы" товарына түшүрүлгөн ар кыл көчөттүн килемге же башка бир нерсеге көчүрүлгөн көчүрмөсүнүн жалпы аты (бул көчөт "гажарыга" он үч жиптен тик кулак сымал болуп түшүрүлөт).

ПАШАКА *зам.* бешилик, айры; *пашакаңды берип турчу, пычанды түшүрөйүн* ("пайшак" болуп да айтылат).

ПАШАКАНА *түшт.* 1. бети – колду чиркейден сактоо үчүн жасалган чүмбөт; *өзү үйдөй, мойну кылдай* (таб. пашакана); 2. жөн эле көлөкөлүү, саябан жай; *пашакана жакта эмне бар?*

ПАШАЛА *батк.* чиркейди кондурбай коруп туруу; *авал эшекти жүктүн алдыга, эшек ки бовосо жүктү эшектин алдыга кой, шондо билесиң пашалаганды.*

ПАШАЛАШ *батк.* тийишүү, теңелүү; *ого пашалашпа, мурдуңду үй кылып койвосун* (ызалап койвосун).

ПАШКЕЛ *жерг.* шакел; *жерде желвей калганыны пашкел дейт.*

ПАШМЫК *батк.* кебете – кешпири суук бычыйган; *адамдын пашмыгыга пахта күw не?*

ПАШТАН *жжол.* эшиктин астыңкы, үстүңкү босого жыгачы; *мине, ий... өссөчү айтпадым беле, лента пахта паштанда турганын.*

ПАШЫЛДА I *батк.* куш – быш этип энтигүү; *семирген болсолор, пашылдап калат.*

ПАШЫЛДА II *батк.* дайынсыз ачуулануу, туюк урушуу; *жок жерден пашылдава.*

ПАШЫН *тал., сейр.* топ кылып боолаган камыш; *пашынды буwуп койот.*

ПӘӘКИ: ала пәәки *өзг.* мойну ала; *пахта алма ала пәәки болуптур.*

ПӘӘНӘ *өзг., суз.* шылтоо; *сиздин пәәнәңиз менен отуруп чыгалы.*

ПӘӘНӘЛӘ *батк.* бекитүү; *пәәнәлән туруң, бовосо пахта менен муwуздайт* (айла – амал менен уятка калтырат).

ПӘӘРЕП *жжол.* майнап; *пәәреви чыгыптыр, алышты байлай бер.*

ПӘӘРИ *лейл.* кулакка илүү, көңүл буруу; *о әйткән гәпти пәәри.*

ПӘӘРИП *өзг.* суктангандык; *пахтага ороп жүрөйүнбү* (эркелетейинби) *әә деп, пәәрип калды* (пәрпи болуп да айтылат).

ПӘӘРИПТӘН *өзг.* суктануу; *сен көп пәәриптәнбә.*

ПӘВЛӘ *жерг.* теринин күйүп же кабарып мөлтүрөп чыккандагысы; *колуң пәвлә кылыптыр.*

ПӘВРӘК *алб.* чиринди; *шырымалдын үстүнө пәврәк түшпөсүн.*

ПӘГӘ *жерг.* эрте; *күн пәгә, сәрпәйинин жыгачына пәәнә койуп тегиздей бер.*

ПӘДӨ *алб.* урушуп жемелегенде айтыла турган сөз; *бир путу аксак экен, байка, о пәдә!*

ПӘДӘНӘЛӘТ: пәдәнәләти әкис *лейл.* каргыш тийген, балээ баскан; *о мунуң таза пәдәнәләти әкис.*

ПӘДӘР: пәдәрыңә наалат! *түшт.* атаңа наалат; *сөзгө конок бер, пәдәрыңә наалат;* **пәдәри кусур**! өнгөн – өскөнү начар; **әйни пәдәр** *батк.* куду өзү, так өзү; *баскан турганы, гәп урганы әйни пәдәр атасы эле;* **пәдәриңә кәлтәк** ачууланганда айтыла турган сөз; **пәдәр мырда** *жерг.,эск.* 1. илгери жергиликтүү "сыпайы" каза болгондо анын ордун алуу үчүн баласы тарабынан "мирге" төлөнгөн акы; *муруңгу вакта пәдәр мырда деп хакы тәләwчү эдек;* 2. *өтм.* каргаганда колдонула турган сөз; *пәдәр мырда болгур* (азыр бул туюнтмаларды колдонуу эскирген); **Әливәйдин пәдәри өлгөндө калды әзәри** *батк.* бирөөнүн азабын тартканда айтылган туюнтма (көбүнчө бала эрке өсүп, ата – эненин кадырын билбей, кийин ачылып – чачылып калганга байланыштуу айтылат).

ПӘДИВӘНӘК *жерг.* жаз айларында келе турган, өзү кептер сымал келген канаттуунун аты; *үйдүн пәәнәсидәги пычанда пәдивәнәк турат.*

ПӘЖРӘ *суз.* маани, шайы; *быйыл мәкәнин пәжрәси жок.*

ПӘЗӘНДӘ *зам.* 1. соргок, опкок; *пәзәндә көрүнөт ко шо;* 2. *өтм.* тартынбас, курч, эпчил; *узун – узун уз кеген, узун бойлуw кыз кеген пәзәндә неме*: 3. ашпозчу; *ол кәттә пәзәндә болуп иштейт экен.*

ПӘЗӘНДӘЛИК *зам.* 1. соргоктук, опкоктук; *онун пәзәндәлигигә тән берди да;* 2. тартынбастык, курчтук, эпчилдик; *ипек курт үчүн тут кесет о пәзәндәлик менен.*

ПӘЙӘН I *батк.* натыйжа; *кыган ишиңин пәйәни болсун.*

ПӘЙӘН II *зам.* чексиз; *пәйән жок бакзар кездим, арманым калвады.*

ПӘЙВӘНТ *өзг., батк., жерг., лейл.* кыйыштыргандык; *биз алманы пәйвәнт кылдык;* **бәрик пәйвәнт** *алб.* жемиш өсүмдүгүнүн кабыгы эми катайын деп калган кезде (15 – июль менен 30 – августтун аралыгында) кабыкты тилип бошотуп кыйыштыруу жолу; *бәрик, пәйвәнтти өзүм жасай элекмин;* **искәнә пәйвәнт** *алб.* жаз алдында жемиш багынын жоон бутагын араалап, ортосуна «искене» менен жарып кыйыштыруу жолу; *искәнә пәйвәнт кылган алма ошол;* **күндө пәйвәнт** *жерг.* жемиш өсүмдүгүн түп жагынан чорт араалап салып, анан ага жаш бутак улаштырылган кыйыштыруу; *мен нәйчә пәйвәнт менен күндө пәйвәнтти билем;* **мискәнә пәйвәнт** жоон бутакты кесип, ал кескен жерге жаш бутак орнотуп, кыйыштырган жерди жүн аралаштырган ылай менен шыбап, калган бутактарын кесип таштаган

түрү; *мискәнә пәйвәнт мөмөгө эрте кирет;* **нәйчә пәйвәнт** *батк.* мөмө бактарынын жаш бутактарын кыйыштыруу жолу (жаш бутакты "т" формасына салып кыйыштырып, тегерегин тыттын кабыгы менен ороп салат); *нәйчә пәйвәнт деген да бар;* **пәйвәнт алма** *жерг.* 1. кыйыштырылган алма көчөтү; 2. кыйыштырылуудан алынган мөмөсү чоң алманын сорту; *бир пәйвәнт алма жесең тойосуң.*

ПЭЙВӘС *пам.* жык, толтура; *араванын үстүгә пәйвәс болуп отуруп алып кете берет эдек.*

ПӘЙГӘ *жерг.* 1. там үйдүн жалпак таманы; *бала секинден пәйгәгә түштү;* 2. босого жак; *кәлишиңди пәйгәгә чечип кел.*

ПӘЙГӘМБӘР *өзг., батк., лейл.* өнү көк келип, көк гүл ачып, тескей бетке чыгып, ысыгы ашкан ооруга дары катары колдонулчу өсүмдүктүн аты; *пәйгәмбәр даарылыкка керек* ("пайгамбар өтүк" деп да аталат).

ПӘЙГЕ *жерг.* байге; *пәйгеден озсо ат кетет, поштого салса кат кетет* (мунун: пәйгеден озсо ат кетет, алсыраса күч кетет; эр эништен пәйге асан, эр жигитсиң бактылуw; деген түрлөрү да бар).

ПӘЙГЕЧИ *түшт.* байгеге чабыла турган ат; *пәйгечи аты бир башка.*

ПӘЙДӘ *пам.* дайын; *ондо бол дә мунда бол, аш ичкенде пәйдә бол.*

ПӘЙДӘҢ: өрүк пәйдәң *лейл.* өрүк багы тигилген аянт; *өрүк пәйдәң, өрүк чарвак дей беревиз.*

ПӘЙЗӘ *зам.* моюнга шуру, мончок, чачка чачпак тагынып "мандайлык" салынган кооздук; *мәширә пәйзә кийген кыз.*

ПӘЙИЗ *ноок., лейл.* 1. ырыс – таалай; *оомийин облоху акпар, бәрәкә пәйиз берсин* (тамак желип бүткөндөн кийин айтыла турган сөз); 2. касиет; *пәйизи жок экен;* 3. ак жол; *пәйизи бар экен, мәскивич утуп алды;* **бәрәкә–пәйиз** *пам.* береке, ырыс; *көпчүлүктө бәрәкә–пәйиз бар.*

ПӘЙИЗДҮW *ноок., лейл.* ак жолдуу; *пәйиздүw мейман келди.*

ПӘЙИПӘТЕК *батк.* 1. бирөөнү аябай сыйлагандык, буту – бутуна тийбей кызмат кылгандык; *атасынын келгениге пәйипәтек болуп жүгүрүп жүрдү;* 2. *өтм.* бирөөгө аябай жагынып, кошомат кылып, алды – аркасына өтүп, күйүп – бышып эки жүздүүлөнгөндүк; *ого мунча пәйипәтек болдуң:* ◊ **пәйипәтек кывайт** теңсинбейт; **кәвичи калып, пәйи пәтегини кийген жутунуп** өзүм эле деп шашып иштеген адамга карата айтылчу сөз; *чөпкө жовоп бергенде кәвичи калып, пәйпәтегини кийген, бейинсәп* ("пайпетек, пәйпетек" болуп да айтылат).

ПӘЙИТ I *түшт.* 1. оңтой, ыңгай, оңут, ык; *азыркы пәйиттә кармап кал;* 2. учур, маал, чен; *Ашым кечки пәйит келип калды* ("пайыт" болуп да айтылат).

ПӘЙИТ II *пам.* бейит; *сексен — жексен, токсон – акирет, пәйит корксоң.*

ПӘЙКӘЛ I *батк.* бир танап жер; *төйөнүн әзили бир пәйкәл жерди бузат;* ◊ **гырман пәйкәл кылдыңбы?** майкандап ишти ордуна келтирдиңби?

ПӘЙКӘЛ II *жерг.* үйдүн тактайланбаган ички таманы; *әйни пәдәр тагасы ле, пәйкәлди депсеве.*

ПӘЙЛӘМӘ *батк.* ашык – чүкө ойнунда дал келтирип атып алуу үчүн дубалдын кычык жерине коюлган чүкө; *келгиле, балдар, пәйләмә атып ойнойлу.*

ПӘЙМӘ: пәймә пәй *чатк.* башма – баш; *пәймә пәй деп сүйлөштү го оногу Терек–Сайда.*

ПӘЙМӘЛ *пам.* буйдалгандык; *мен бир пәс пәймәл кылып турайын.*

ПӘЙМӘН *пам.* барчылык; *пәттә жәйдән төгөрөтүп келип тәштәди, пәймән дә.*

ПӘЙНӘМ *пам.* маани; *ого пәйнэм берведи.*

ПӘЙРӘП *зам.* ачылып жайноо; *пәйечек болуп пәйрәп ачылат.*

ПӘЙРӨW *батк.* тең, барабар; *азыр дә пәйрөw келип каган.*

ПӘЙТЕШЕ *жерг.* кетмен сымал, узун саптуу, уңгу жана көзү, жаагы бар, устун тегиздөө жана отун чабуу үчүн колдонулган курал; *отунга пәйтеше жакшы экен.*

ПӘЙЧЕКИЛЕ I *батк.* сынап чеккилөө; *койу бар экен, пәйчекилеп көрөйүн, сатар векен, сатпас бекен!*

ПӘЙЧЕКИЛЕ II *батк.* майдалап бөлүү; *дарвызды пәйчекилеп сатышка бовойт дә.*

ПӘЙЧЕЧЕК *зам.* эрте жазда гүлдөөчү ар кыл майда гүл; *бизде козу пәйчечек, гулак пәйчечек өсөт.*

ПӘЙШӘМБИЛИК *жерг., батк.* өлгөн адамды эскерип өткөрүлгөн жетилик; *пәйшәмбиликти өткөзүп ле жөнөп кеткендер;* ◊ **кумурскадан пәйшәмбилик сурагандай** *батк.* 1. жөнү жок иш, сарандык; *кумурскадан пәйшәмбилик сурагандай болсоң, кулагыңдын түвүтө шөвлә кайнайт* (бирди көрөсүң); 2. аз алып келүү, аз сурап алуу; *тузду кумурскадан пәйшәмбилик сурагандай алыптыр;* 3. жетинбей жүрүп өткөндүк; *о илгери кумурскадан пәйшәмбилик сурагандай эделер.*

ПӘЙШӨК *батк.* чөп, мая чогултуу үчүн колдонулчу айры; *пәйшөк менен жийнә* ("пайшак, паншак" болуп да айтылат).

ПӘК I *жерг., батк.* чакмак таш ойнунда беш таштын бирин жерге түшүрбөй колдун аркасына токтотуп калгандык; *таштарды ол пәк түшүрүптүр чү;* 2. *зам.* «чүркәш» ойнунда борборго келип сызыкты басканда айтылчу сөз; *чуркап келип, пәк–пәк деп бакырдылар.*

ПӘК II *өзг.* 1. так, даана; *актыгы пәк бекен, байатан бери калп деп атты элең;* 2. таза; *ол пәк жувунуп жүрөт; 3. зам.* адал арамы жок; *онун алкымы – пәк, әйткәни келет.*

ПӘК III *батк.* аз – аз жерден, араң, аз гана болбосо; *пәк бовосо учуп кете жаздым* (бул сөз "бол" деген этиштин терс буйругу менен бирге айтылат).

ПӘК IV *жерг.* 1. ыплас, булганч, кир; *лай алып пәк уруп жүгөрдү;* 2. жоголгондук, дайынсыз болгондук; *таш патырдын хамырыны жувруп койуп пәк болуп кетти:* 3. түгөнгүр; *чулуктун патаңыны мал жевесин билвейт, пәк болгур.*

ПӘКӘ: пәкә пәрвәдигәр! *пам.* тобоо кылуу; *йа, пәкә пәрвәдигәр, шундай да иш болот экен;* **пәкә–пүкә** *батк.* элеп – желеп; *жүрөгү пәкә–пүкә болуп турат.*

ПӘКӘМУШ *өзг.* төөметек; *пата тойдо пәкәмуш ойновойт.*

ПӘКӘНЭЙ *лейл.* кодо, кичине: *колу кайкалак богон менен пәкәнәй, пәк түшпөс.*

ПӘКӘР *өзг.* жапалдаш; *бир ишти кылсаң башыны көрсөтпөйсүң го* (жашырын жасайсың да) *пәкәр, таш чыракты не кыласың?*

ПӘКӘРӘ *жерг.* керең; *пәкәрә болуп жүрөт.*

ПӘКВӘНЧИ: пәләнчи–пәквәнчи *батк.* баланча – түкүнчө; баланчы – пастыбанчы; *онун пәләнчи–пәквәнчилери келиптир.*

ПӘКИ I *зам.* маки, баки; *бир чывык менен миң кой айдадым* (таб. пәки).

ПӘКИ II *суз.* баары; *үйдү жазоого пәкиси керек.*

ПӘКИВӘДЭН: палан–пәкивәдән *батк.* андай – мындай деп шылтоологондук; *бизди палан–пәкивәдән деп жоонто бервең.*

ПӘКИЗӘ *өзг., суз., лейл.* 1. таза; *пәйшәмби күнү жол басып, жумаа күнү жетип алат ол пәкизә;* 2. *өтм.* чырайлуу, сулуу; *тәззә пәкизә эде, пайчасы кеңип кетиптир.*

ПӘКИЗӘГӘРЛИК *батк.* тазалана бергендик; *көп эле пәкизәгәрлик кыла береви?*

ПӘКИЗӘЛИК *өзг.* тазалык; *пәкизәлик кылган тура.*

ПӘКИЛДӘ *жерг.* 1. жаагы тынбай эле көп сүйлөө; *пәкилдей бервей буйакка туруң;* 2. *суз.* чарчоо; *пәйтеше менен тuwра тәштәмәйди тегизден пәкилдәдим.*

ПӘККӘ *батк.* кандайдыр бир белгиленген жай, чек; *сен зuwулдап пәккәгә жете авадың.*

ПӘЛӘЖ *батк.* ышпалда; *ишти пәләж кылып әрәсәт кылсаң, шондо кандай болот?*

ПӘЛӘЖИ *батк.* сенек; *путу пәләжи, боп каптыр.*

ПӘЛӘЗ *зам.* чар; *халвырдан түшкөн пәләзди ал.*

ПӘЛӘК I *өзг.* чикиттин балакайы; пәләкти сөөктөн да жасайт ("пәлләк" болуп да айтылат); **бүтүн пәләк** *өзг.* чикиттин балакайын жерге түшүрбөй эки жолу удаа чапса, анын түшкөн жеринен уяга чейинки аралыкты балакай менен өлчөө учуру; **жарым пәләк** чикиттин балакайын жерге түшүрбөй үч жолу удаа чапса, анын түшкөн жеринен уяга чейинки аралыкты балакайдын жарымы менен өлчөө учуру; **ийнө пәләк** балакайды төрт жолу удаа чапса, анын түшкөн жеринен бери ийнедей көлөмдөгү нерсе менен өлчөө учуру; ◊ **пәләктин гәрдиши** *пам.* жанды кыйнаган азап; *бул да пәләктин гәрдиши экен.*

ПӘЛӘК II *түшт.* көк, асмандын бийик алыстыгы; *учкан куш тез эле пәләккә көтөрүлдү.*

ПӘЛӘК III *түшт.* бакча өсүмдүктөрүнүн (коон, дарбыз, ашкабак ж.б.) узун кеткен өзөк сабагы; *бир пәләк, бир пәләктә отуз әндәләк;* **пәлеги өлгөн** 1. сабагы соолуган; *ол кowундун пәлеги өлүп калыптыр;* 2. *өтм.* тарбия көрбөгөн, начар өскөн кеси; *ол Алайга качыптыр, ол шондой башыдан пәләги өлгөн эде;* ◊ **кowунду жулуп жегенден кийин пәләги менен жумушуң бовосун** аларынды алгандан кийин майда – чүйдөгө киришпе.

ПӘЛӘПӘРТИШ *пам.* баш аламандык, тартипсиздик; *бул жерде пәләпәртиш бовосун.*

ПӘЛВӘН *батк., жерг., лейл., пам.* балбан; *баатырды майданда пәлвәнди майрамда көр;* **пәлвән owуз** *лейл.* апыртмачыл; *ич кимди таанываган пәлвән owуз болуп кетпе;* **пәлвән тавак** *батк.* күрөштө жыккан адамга берилген ар кыл белек, сый; *жыккан адамга палвән тавак тартылган;* **пәлвән таш** *жерг.* илгери жайлооого чыкканда жигиттер күч сынашып, таш көтөрүп ойношкон оюндун аты (азыр мындай оюн учурабайт); *ким пәлвән болсо, пәләвән ташты көтөрчү экен.* ("Пәлвән ташты" көтөрүүнүн бир топ фазалары болгон; 1. жерден үздү – ташты бир аз өйдө көтөрүү; 2. тизе бойу – ташты тизеге жеткире көтөрүү; 3. киндик үстү – ташты киндиктен жогору көтөрүү; 4. эмчек бойу – көкүрөккө жеткире көтөрүү; 5. төвөгө көтөрүү – ташты баштан ашыра көтөрүү) **пакал пәлвән** *батк.* чий балбан; *пакал пәлвәндин да кошунусу күчсүз болвос.*

ПӘЛВӘНДОС *батк.* балбан болуп келе жаткан жаш өспүрүм жигит; *әпти пәшәнәси пәлвәндос.*

ПӘЛВӘНЧӘӘК *жерг.* кичине балбан; *пәлвәндәрдән кийин пәлвәнчәәктәр чыгат.*

ПӘЛИЗ *зам.* 1. огород үчүн бөлүнгөн жер; *пәлизге сүүдү алып келиш кыйын*; 2. ошол жерге тигилген жашылча өсүмдүгү; *пәйчекисини ит жегенсип пәлизге жөнөдү.*

ПӘЛИК *батк.* он – он беш "әгәттин" башын бириктирген арыкча; *пәлик тарт, пәлит бовой өл, әә!*

ПӘЛИШТЕК *жерг.* чийненин тикесинен орнотулган жыгачы; *чигененин пәлиштектерини орноттум.*

ПӘЛЛӘ I *лейл., батк.* таразанын табагы; *таразанын бир пәлләсини ким аган?* ("палла" болуп да айтылат); **нан пәллә** *батк.* сорпого эзилте турган нан; *шону нан пәллә деп койот;* ◊ **бәлә болду пәллә** *тал. таразага эмне болду!*

ПӘЛЛЕ II *өзг., жерг.* ак чөөлмөк, жашынмак ойнунда белгиленген чек; *акачөлдү тапканда пәлләгә чуркап келет* ("пәллә жәй" деп да айтылат).

ПӘЛЛӘ III *зам., түшт.* мезгил, учур; *жеткен экен пәлләси, баасыны көп пәйчекилевей дурустады.*

ПӘЛЛЕКИ *зам.* таш таман; *пайшакты эгиз кой, өгүз басып сындырвасын, пәллекиң жыртылса йәм.*

ПӘН *түшт.* таттуу кылып жасалган нан; *ол дасторкондогу пәндән алың.*

ПӘНДӘ I *лейл.* коон сабагы; *бу бала пәкәр экен, пәндә үзө алавы?*

ПӘНДӘ II *жерг.* пенде; *жүрөрү бар пәндә – ат минет, кумары бар пәндә – куш салат;* ◊ **кам сүт эмген пәндә** *суз.* мажүрөө.

ПӘНДӘ III *батк.* байкоо, баамдоо; *шапалак жевейм десең пәндәп жүр.*

ПӘНДӘЛИК *лейл.* көз жумгандык, каза болгондук; *өлвөйт эмес өлөвүз, пәндәликкә көнөвүз;* ◊ **пәндәлик кылды** *пам.* каза болду, көз жумду, дүйнөдөн кайтты.

ПӘНДӘК: әндәк–пәндәк *батк.* тигиндей – мындай; *әндәк–пәндәк гәп кыва.*

ПӘНДИ *түшт.* аябай бышып, сабагынан өзү үзүлгөн коон; *пәнди коондон сойду.*

ПӘНДИК *ноок.* тамеки көчөтү өстүрүлө турган жай; пәрник; *пәндикке тамәкинин ымыркай көчөтү өстүрүлөт.*

ПӘНЖӘ I *лейл., жерг.* беш салаа; *пәнжәңди кармалавай ойунга түшүп кой* (бийлеп кой); ◊ **беш пәнжәң тийвей ачылсын** жырга; **беш пәнжәсини owзуга тыгат** ач көздөнөт, көптү каалайт.

ПӘНЖӘ II *лейл., жерг.* килемге түшүрүлгөн көчөт, түрдүн аты; *куw–куw менен, газ–газ менен, пәнжә–пәнжә менен.*

ПӘНЖӘ III *базк.* түркүктүн баш жагына коюлган жаздык жыгач; *онун үстүнө пәнжә койдук.*

ПӘНЖӘВӘШ *батк.* акылсыз; *пәнжәвәш шонтип жүрөт девесин.*

ПӘНЖӘКАП *жерг.* салааның ортоңку муунуна чейин кийгизүү үчүн териден жасалган нерсе; *пәнжәкап кийвесем бовой калды.*

ПӘНЖӘРӘ *жерг.* 1. жыгачтан алмай – телмей жасалган тосмо; *о кишинин коругу пәнжәрә эде;* 2. чырактын шише койгучу; *сен пәндәбаакы эмессиң го, пәнжәрәни таап берчи*; 3. *жерг.* терезенин кашеги; *палтан пайадан түшүп келатып, терезенин пәнжәрәсини сындырып алды;* 4. сайманын бир түрү; *пәйчекиңди чечип кир, пәнжәрә токуйвуз*; 5. *өзг.* тепкиликтин чыгыш турган уч жагы; *әли–пәлигә кевей*

эле тепкиликтин пәнжәрәси менен түртүп алды ("пәнжире" болуп да айтылат).

ПӘНЖӘРӘЛӘ *суз.* 1. короону тактайлап курчоо; *эшигини бүт пәнжәрәләп койуптур*; 2. жасалгалоо, кооздоо; *ол дайыма пәнжәрәләп жүрөт.*

ПӘНЖӘРӘЛӘН *өзг.* бутактап чачыроо; *оймо-чиймелер пәнжәрәләнип кожоздолгон.*

ПӘНЖӘРӘЛҮҮ *өзг.* "пәнжәрәси" бар нерсе; *пәнжәрәлүү үзөнгүнү чирене тээптир.*

ПӘНЖИ *батк., лейл.* беш жаштагы бычылган кой; *пәнжи болгон койду сойдук* ("пәнжи серке, пәнжи кой" болуп да айтылат).

ПӘНЗӘТИ *өзг.* ишеничтүү; *ал пәнзәти жигит.*

ПӘНИС *батк.* жука тунукеден жасалган гүлдүү, кооз, жайпак идиштин аты; *пәниске нан салып койуптур.*

ПӘНТ I *батк.* 1. тытылып, чирип, эскирип калгандык; *онун пәнти кетип калыптыр, чечип берди;* 2. картайган мал; *ол сыйыр пәнт*; 3. сокку; *акылы кыска пәнт жейт, акылы терең кант жейт.*

ПӘНТ II *пам.* айла, амал, ык; *күрөшкөндө күч жеңбейт, пәнт жеңет;* **пәнт берди** алдады; **пәнт кой** амал кыл.

ПӘНТКӘШТИК *пам.* айлакердик; *пәнткәштиги менен карызыдан кутулду.*

ПӘНТТӘ *пам.* амалдоо; *мени пәнттәйм деп турганыны билдим.*

ПӘҢКӘЛЛӘ *батк.* баамсыз, макоо; *сен өзүңдү пәңкәллә девесин.*

ПӘҢКУШ *ноок.* маңыроо; *сөздү паамдавай пәңкүшсүңбү?*

ПӘПӘЛ *ноок.* дандын кабыгы; *жүгөрү, мәкәнин пәпәли.*

ПӘПӘЛДИРИК *ноок.* 1. кагазга оролгон конфета; *пәпәлдириктән алып отуруң*; 2. ошол конфетанын эки четине чыгып турган кагаз желекчеси; 3. *жерг.* жапалак арча; *пәпәлдирик арча, ысырык арча бар.*

ПӘПӘМДИРИК *батк.* жүгөрүнүн кабыгы; *мәкәнин пәпәмдириги ачык эмеспи?*

ПӘПӘРӘК *батк.* өрүктүн бир түрү; *пәпәрәк бар дегенин эшитип калдым.*

ПӘПИК I *батк.* конфета; *пәпиги жок тойго бара веде?*

ПӘПИК II *лейл.* чачы; *тәззә ле берегечсин дә, пәпигини йәм кошо берген тура.*

ПӘПИКТӘ *лейл.* чачылоо, чачы чыгаруу; *ону пәпиктәвәй койо туруп, музоw баш ашкавактан үзүп келчи.*

ПӘПИКТҮW *лейл.* чачылуу; *пәпиктүw кып чыгарса, чырайлык көрүнөт.*

ПӘПИЧ: пәпичгүл *батк.* сабагы ичке жумшак өсүп, кырмызы гүл ачкан өсүмдүктүн аты; *пәпичгүл мәйин өсөт.*

ПӘПҮШКӨ *суз.* тамекинин начар калдыгы; *суук алып, топуракка тепселсе пәпүшкө дейт.*

ПӘПҮШӨК *зам.* таз жору сымал канаттуунун аты; *пәлкә керекпи кәл пәпүшөк урганга?*

ПӘР I *батк.* 1. ланги; *пәргә коргошун уйутуп, жамбаштатып тээп ойнойттор*; 2. чүкө ойнунда ашык бир нерсеге тийсе, ошол жерден чаттап туруп кайра атуу учуру; *чикәләктин пәлдегиге тийди, пәр ат.*

ПӘР II *батк.* пери; *дөв пәр, жин пәр болуп бөлүнгөн.*

ПӘРӘ *батк.* жыгач көзөөч; *ишти палапартыш кывай пәрәни тап.*

ПӘРӘВӘН *жерг.* үйдүн ички тактайларына түшүрүлгөн оймо-

чийме кооздук; *ава, үйүнүздү тахта пәрәвән кылып жавыпсыз, кут кылсын!*

ПӘРӘЙИС *батк.* эсепчил; *ол өтө пәрәз, пәрәйис адам.*

ПӘРӘК I *зам.* сабизди ичке – ичке кылып туурагандагысы; *сәвизди пәрәк-пәрәк кылып тywра.*

ПӘРӘК II *жерг.* кыя, зоо жерлерге бир нерсе кагып – тиреп, анын үстүнө чырпык, шак, чым, топурак төшөп жасалган көтөрмө; *Кичи-Карамыкка баратканда кыйадагы пәрәктән өткөнбүз.*

ПӘРӘКӘНДӘ *батк.* майда – чүйдөлүк, ыпыр – сыпырлык; *асман-айдан келет деп пәрәкәндә кыва.*

ПӘРӘКӘТ: кош пәрәкәт *базк.* кош санаа; *үйүндө тынчы жок, талаада кош пәрәкәт.*

ПӘРӘКӘШ *батк.* эки кишилеп кетмен тартканды; *сел баскан арыкты пәрәкәш кылып зорго тазаладык.*

ПӘРӘМ *батк.* аркак жип; *пәрәм жиптен алып бер.*

ПӘРӘНДӘ *жерг.* башы тийген эле жерге уктаган уйкучу; *сен не бәлә, пәрәндәвәсин?*

ПӘРӘНДӘГӘРЧИЛИК *батк.* кушчулук; *әгәр азап-тозоктон узак болушту эстесең, пәрәндәгәрчиликкә кол урва.*

ПӘРӘН I *батк.* 1. дүкөндөгү түрүлбөй сатылган түр жип; *пәрән бовосо, ишивиз токтоп калат*; 2. *зам.* көгүш сары; *чоң эне, дәмдүw жүрөвүсүз, пәрән көйнөк сатып берейинби?*

ПӘРӘН II *батк., ал.* таза кийинип, чекесин эки тилке лента же жука жоолук менен байлап алгандык; *пәрән болуп алып кайакка жөнөдүң;* **шәпәдә пәрән** сыйга салына турган кооз жоолук; *шәпәдә пәрәнди өгүз тywганда, тезек гүлдөгөндө беревисин энди?*

ПӘРӘН III *өзг.* жүз элүүнчү деп аталган чоң мык; *мыктын пәрәни менен кагыш керек.*

ПӘРӘН IV *батк., ноок.* начар, чабал; *устасы пәрән әйләнтирип караган окшойт.*

ПӘРӘНГИ *зам.* жука, үлбүрөк кездеме; *жаз кийгеним пәрәнги.*

ПӘРӘШОН *жерг.* айран таң; *шу кыган ишиңерге акылым пәрәшон болуптур.*

ПӘРВӘЗДӘ *карс.* 1. сылап – сыйпоо; *пәрвәздәп имне кыласың, болгону шол да;* 2. *батк.* таамайлоо; *колудан бәлә йәм кевей лә пәрвәздәп сүйлөштү билет.*

ПӘРВӘЙ *батк.* 1. чоң – кичинеге, жакшы – жаманга бирдей калыс мамиле кылгандык; *кәттә-кичике бирдей турат экен, шондой бечәрә пәрвәй богону жакшы дә;* 2. *пам.* элес албагандык; камырабагандык; *әйткән менен ону пәрвәйигә авады* ("парва" болуп да айтылат); ◊ **пәрвәйи кәләк** болумсуз;

ПӘРВӘЙИШ *өзг.* кадыр – барк, сый; *пәрвәйиши жетилсе күйпүл күчүк сак болот.*

ПӘРВӘЙИШТӘ *суз.* 1. ынта коюу; сыйлоо; *досувуздун үйүгө барсак, пәрвәйиштәп тосуп алды;* 2. *өтм.* бучкакка теңебей коюу; *ол сени пәрвәйиштәй алвай койду го.*

ПӘРВӘЙДӘ *лейл.* 1. тоотуу; *пәрвәйләвәй жүрөт имиш:* 2. *батк.* абайлоо; *ол иш эмне болорун пәрвәйлә;* 3. чый – пый чыгуу; *бир пәрвәйләвәй жүрө верет.*

ПӘРВӘРДӘ *суз.* шекерди эригиче кайнатып, ага сүт куюп, анан аны ичи майланган идишке салып катырып уютуп, каткандан кийин майдалап кесип ала турган таттуу; *пәрвәрдә нават сымал саргыч келет.*

ПӘРВӘРИШ *жерг.* абайлагандык; *тәмәкини пәрвәриш кывасан бовойт.*

ПӘРВӘРИШТӘ *зам.* жакшылап асыроо; *ар нерсени пәрвәриштесең, ол саңа шонтет.*

ПӘРВЕ *батк.* ак көңүлдүк, берешендик, эчтеке жашырбагандык; *ә, пәрвәйиң кең го, пәрвейди кең сала бер.*

ПӘРВИШТӘ *жерг.* асыроо, багуу, кароо; *пәрвиштәп келип, онон көргөн жакшылыгы шуву?*

ПӘРДӘЗ *батк.* кыз – келиндердин упа – эндик сүртүнүп, кооздонуп кийинип жасанышы; *өзүнү чыраздап пәрдәз кылып жүрөт.*

ПӘРДӘЗДӘ *батк.* кооздоп жасалгала; *айагы байланган тооктой бовой пәрдәздәй бер.*

ПӘРДӘН *өзг.* камыштан токулган идишче; *кайненин турпагыдан, май эненин урпагыдан дә, пәрдәни түзүк жасалыптыр.*

ПӘРЗӘНТ *жерг.* берзент; *пәрзәнт, зайып – үйдүн жанган чырагы;* ◊ **акыреттин пәрзәнти** каза болгон.

ПӘРИЗ *батк.* оорулуу адамдын туздуу тамак ичпей койгону; *оwрукчан адам пәриз кылат.*

ПӘРИЙӘТ: дат пәрийәт *батк.* кыйкыргандык, өкүргөндүк; *сен дат пәрийәтинди токтот, боз көйнөккө жүн жээк.*

ПӘРИХОН *жерг., эск.* бакшы; *пәрихондор азыр жок ко* (азыр бул атоо эскирген).

ПӘРИШКӘСИДӘ *жерг.* зайып, колукту; *ол пәришкәсидә да бүрөwдүн адамы.*

ПӘРИШКӘШТӘ *жерг.* акылы тайкы; *пәришкәштә кылып жаман көрөттөр.*

ПӘРИШТӘ *батк.* түр, түс, нуска; *пәриштәң өчкүр, ишиң оңолову?*

ПӘРКӘЛ I *ал.* 1. тегирмен таштын бет тегиздигин биле турган сыдыргы; *тегирменде пәркәл дә болот;* 2. ок жыгач; *ичиң өттү – күчүң кетти, энди пәркәлгә әлиң кевес.*

ПӘРКӘЛ II *батк.* дем, кубат; *Досбоол әкәнин пәркәли кетип калыптыр.*

ПӘРКӘНТ *батк.* кубат, дарман, ал, күч; *пәркәнти кетип эшикке чыга авай каптыр* ("пәрткәнт" болуп да айтылат).

ПӘРКЕШТЕ *ал.* кооздоо; *пәркештеп тиккен жоwлук.*

ПӘРЛӘ *батк.* канаттуунун жүнүн жулуп тазалоо; *тоwокту ысык сүwта салып пәрләп кой.*

ПӘРЛӘМӘ *батк.* сыланкороз; *пәрләмә болуп түрлөнсө, колудан иш кевес.*

ПӘРМӘК *өзг.* «ләпчәрмәк» деген оюнда колдонулчу сөз; – *атапәрмәк? биттә пәттәси нечтә ?*

ПӘРМӘН I *жерг.* 1. өкүм; *бардыкы пәрмән менен, жоктуку далвас менен девечи;* 2. буйрук; *жорго жолдун пәрмәни.*

ПӘРМӘН II *өзг.* жыгач көзөп тешүүчү сайлуу аспап; *пәрмән менен жыгач ойдум* ("пәрмә" болуп да айтылат).

ПӘРМӘЧИК *батк.* өрүк "горо" болгон кезде ага түшүп зыян келтирет.

ПӘРТИШ: пәләкәт–пәртиш *пам.* балекет; *мундай пәләкәт–пәртиш болоруңу ким билиптир.*

ПӘРТТӘ *лейл.* жулгулоо; *жерге конуп пәрттәп, кийин гөшүнү жейт.*

ПӘРЧ *зам., жерг.* мал айдаганда колдонулчу ичке чыбык; *мал әйдәсән пәрч ал.*

ПӘРЧӨВГӘ *жерг.* тегирмендин ноосуна суу бура турган тосмо; *тегирмендин пәрчөвгәсини алып кой.*

ПӘС *батк.* тайыз; *акылы пәс бала экен девесин.*

ПӘСӘНДӘ *өзг.* басайып чөгүү, азаюу; *кар кыйла пәсәндә болуп калыптыр.*

ПӘСӘТ I *батк.* ич күптү; *гәвин әйтип пәсәтини чыгарды.*

ПӘСӘТ II *батк., лейл.* 1. жаранын ичиндеги кан – ириң аралашып кеткени; *пәсәти жарылып таш панарга чачырады;* 2. жаранын өзөгү; *папалак, кармава, пәсәти чыкканы калыптыр.*

ПӘСИЛ *зам.* учур, кез, маал, мезгил; *күз пәсили – ар хыл жер-жемишке бай пәсил.*

ПӘСИРЕТ *батк.* арман; ого жетпей пәсирет кылды.

ПӘСКӘШ *батк.* 1. дили, ниети тар адам; *пәскәш менен үлпөт болво;* 2. ал. зыкым; *ол әкә жүдә пәскәш киши экен.*

ПӘСКИ *лейл.* 1. төмөнкү; *пәски жәйгә жөнөдүлөр;* 2. начар; *пәски бовосо ит гөшүнү ит жевесини билвейви?*

ПӘСТӘ *батк.* көңүл чегүү, көңүлү калуу; *көwнү пәстәп кетпесин.*

ПӘСТӘК I *лейл.* бакене, кодогой; *әй пәстәк, әзизмаманы әйтип өлгөн жыландын баашыны козгово* (өкүнбө, өткөндү кайталаба).

ПӘСТӘК II *өзг., суз.* чай кайнатуучу идиштин бир түрү; *пәстәккә чай койуп кой.*

ПӘСТӘК III *жерг.* төмөн, жапыз; *анавы үстүмдү пәстәк кылып отурган кичине чиркей сымал мите; пәрмәчикти эрте менен кагат, терет, онон жерге көмүп тәштәйт.*

ПӘРМИЗЕК *батк.* тикесинен өсүп, жалбырагы үч бурч болгон, боору тикенектүү келип, кычкыл даамы бар, тазаланып желе турган өсүмдүктүн аты; *пәрмизекти көрәнин оро-парасыга кой.*

ПӘРНӘРӘК *түшт.* ок жылан; *эки көңүл кир болсо, чак түш караңгы бово, пәрнәрәк жөнүдө әйтип бериң.*

ПӘРПӘШӘ *ноок.* таза, чырайлуу, кооз; *әйнегиң бowy пәрпәшә, әйдә әйлиңгә мен барсам – әндәсә менен тәмәшә.*

ПӘРПИ I *лейл.* көк же ак гүл ачып, өңү ак – көгүш келип, уулуу болуп, малга зыян келтире турган өсүмдүктүн аты; *пәрпи ар кыл гүл ачат* (ал, өңүнө жана затына карай: "ак пәрпи, көк пәрпи, кара пәрпи" болуп бир нече түргө бөлүнөт).

ПӘРПИ II *батк.* жаш баланын баш териси жиктелип ооруган оорусу; *үч күндүгүдө ле пәрпи болуптур.*

ПӘРПИГҮЛ *батк.* майда, ичке жалбырак, кызгылт ичке өзөк алып, бир уядан төрт – беш сабактуу кичине көк гүл чыгарып өскөн өсүмдүктүн аты; *пәрпигүлдү дәри йәм кылаттар.*

ПӘРПИРЕК *батк.* 1. чагарак; *эшиктин пәрпиреги болот;* 2. дирилдек; *пәрпирек болуп айланат:* 3. килемге салынган түрдүн аты; *пәрпиректи ар ким билгениче кылат.*

ПӘРСӘНӘК *ноок.* көөп чыккан барсылдак; *колуну күйгүзүптүр пәрсәнәк-пәрсәнәк боп кетиптир.*

ПӘРТ *лейл.* куштун жүнү; *тооктун пәртини жий, пәләкәт болсо, буламыктан тиш сынат.*

ПӘРТИЛКӘ *батк.* бут кийимдин түрү; *Асан жаңы пәртилкә сатып алды.*

ПӘСТИЛӘ *жерг.* бут кийимди жамачылоо; *мәстисини пәстиләп берет.*

ПӘСТОW *жерг.* чикит ойнунда ылдыйлап чабуу учуру; *акылы кәм көвөт, көптөн өлөт бовой пәстow кыл.*

ПӘТ *батк.* кабат; *пәт-пәт кылавыз.*

ПӘТӘ *суз., эск.* отун үчүн төлөнүүчү акы; *отун пәтәни төлөп берет* (азыр бул көрүнүш "пәттә" болуп да айтылат).

ПӘТӘЛӘ: әтәлә-пәтәлә *ноок.* атала – сатала; *әтәлә-пәтәлә билевисин, мәрдикәр?*

ПӘТӘН I *ал.* жерге туташ жайылып өскөн өсүмдүктүн аты; *көлөкөдө жүргөн ит күндү карап үрөвү, пәтән чөптү басавы?*

ПӘТӘН II *жерг.* 1. тегирмендин "чөп кулагынын" астына коюлган алакандай жука жыгач; *ичке жыгачтын астыга пәтән койулат*; 2. *өзг.* темир шынаа; *аркы пәтәнди алып кел.*

ПӘТӘРӘ *жжол.* чын тийбес адам; *бар экен, жок экең илгери бир пәтәрә өткөн экен.*

ПӘТӘРӘТ *жерг.* кырсык; *нәништәгә каравай кетип баратып бичәрә кәттә пәтәрәт тааптыр.*

ПӘТЕКУЧУК *пам., эск.* илгери учук менен ооруган адамды жылдыз толо электе кийизге ороп, муздак суу сээп ырымдаганы; *пәтекучукту илгеркидей ырымдоw жойулду* (азыр бул көрүнүш жоюлган).

ПӘТИ *ноок.* 1. кыздардын мандайына түшүрүлгөн көкүл чачы; *чекесиге пәти түшүп турат;* 2. *зам.* түк; *баар–баар бар эки, бармактары он эки; пәти шайы тону бар, cowрусуда калы бар* (таб. сүлөөсүн).

ПӘТИНЖӘН *базк.* помидор; *жакшыга дөвләт жар болсо, мөмөлүw шактай пәс болот дә пәтинжәндә иштей берет.*

ПӘТИНИ *батк.* кийин; *әәринин уйугуга тийип, өзү жолворстун тээрисини кийип калды пәтини;* **этини–пәтини** *өзг.* тым – тырс ойну; *этини–пәтини тамга койдум шатыны, ким мурун сүйлөсө, шол кәнәнин жатыны* (ушул оюн башталарда айтыла турган сөз).

ПӘТИНЧӘ *жерг.* кичине тоголок помидор; *пәтинчәни кургатып койсо жакшы болот.*

ПӘТИРКӘСИР *батк.* урушуп талашкандык, чатакташкандык, чаң тополоң болгондук; *жаңжәл кылып пәтиркәсирини чыгарып жүгөрдү.*

ПӘТТӘ I *өзг.* 1. квитанция; *сүт тапшыр деп пәттә берип кетти;* 2. *лейл.* билет; *Ысманаалыга пәттә барвы, кызым ?*

ПӘТТӘ II *пам.* сазай; *пәттәсини колуга берди.*

ПӘТТӘЙИ I *батк.* беттиги жарты болуп, чарымдан тигилген кепич; *пәттәйигә ковмәдийәр түшүрмөк бедең?*

ПӘТТӘЙИ II *өзг.* коңултак; *пәттәйи кийип кете берди.*

ПӘТЧӘ *өзг.* жезде; *менин байкем Зуурага пәтчә болот* («пәччә» болуп да айтылат).

ПӘЧӘК *жерг.* майдаланган, сынган нерсе; *айнекти пәчәк кылып таштапсыңар күү?*

ПӘЧӘКӘ *өзг.* бачики; *жолдон түлкүнүн пәчәкәсин көрдүк.*

ПӘЧЕКИ I *жерг., эск.* чокой, чарык; *киши тону кирчил, киши аты терчил бовой пәчекини бургап жүгөр* (азыр бул эскирген).

ПӘЧЕКИ II *жерг.* кичине, начар; *уругу пәчеки уйлардан го?* ("пәчки" болуп да айтылат).

ПӘЧИКИНӘ *ноок.* 1. майдачыл; *ол пәчикинә, жакшы адам эмес*; 2. өлчөмү кичине буюм; *пәчикинә тон барбы?*

ПӘЧКИ *батк.* чөп үчүн эгилген жүгөрү, маке; *пәчкивиз нимегедир сейрек чыгып калды.*

ПӘЧКИЛИК I *батк.* майда сөздүүлүк; *кәттә иштерге пәчкилик гәп кывагын.*

ПӘЧКИЛИК II *батк.* ал жетпестик; *торпокту алып чыга авадың, пәчкилик кыганың шо да.*

ПӘШӘ *жерг.* тумшугу узун келип кан соргон, көбүнчө саздуу, камыштуу жерде көбөйгөн чиркей; *пәшәдән пил чыкпайт, балыктан тил чыкпайт;* 2. жыгач курту; *пәшә пат гилемге түшпейт, даракка*

түшөт ("пәшә" болуп да айтылат); **ит пәшә** майда чымындын бир түрү; *ит пәшә учуп жүрө верет*; **кашка пәшә** москит; *кашка пәшә саздуw жерде болову?* ◊ **owру пилди пәшә кылат** *батк.* ооруу төөнү да жыгат; **сүткө түшкөн пәшә болду** *батк.* кандайдыр бир бүтөйүн деп калган ишке дагы бирөө аралашып, аны ондомок турсун бузуп койсо, ошондо нааразы болуу маанисинде айтылчу туюнтма.

ПӘШӘНӘ *лейл.* бешене; *пәшәнәң курсун* бетин түгөнсүн; ◊ **пәшәнәси кургаган** зыкым, ичи тар; *пәшәнәң өлөвү эде?* чекең торсоймок беле?; *пәшәнәң өчкүр*! тилегиң соолгур! **пәшәнәси таш** *пам.* дендароо болуп айласы түгөнгөн; *колудағыны жоготуп әйләси куруп, пәшәнөси таш.*

ПӘШӘРӘ: әпти пәшәрә *батк.* кебете, кепшир; *иштевесең әпти пәшәрәң элге сүwүк көрүнөт.*

ПӘШДӘН *жжол.* үйдүн мандайкы калканчына коюла турган жыгач; *эчкинин барар жери саманкана, пәшдәндин барар жери айванкана.*

ПӘШЕП *жжол., эск.* даарат; *ушта пәшеп алайын* (азыр бул көрүнүш эскирген).

ПӘШИЛ *алб., суз.* дыкат; *көп отуруп, пәшил болуп кетти.*

ПӘШКӘЛ *пам.* шакел; *акырда иргелип калганды пәшкәл дейвиз.*

ПӘШТӘН I *түшт.* 1. астана,босого; *эшиктин пәштәни бийик болуп калыптыр*; 2. "айвандын" секисинин кырына узунан коюлган жыгач; *айвандын пәштәнин катуу жыгачтан жасағын.*

ПӘШТӘН II: әштән – пәштән *батк.* чалыр; *әштән – пәштән көзүн ов, бир көргөндө тон сыйлуw, таанышканда бой сыйлуw деген сөзүн ов!*

ПЕЙИЛДӘР *зам.* пейилдүү, кыялдуу; *ач бүwдан арывайт, арам пейил жарывайт деген пейилдәр ол.*

ПЕЙШИН *зам.* бешим; *пейшин болду деп отурат.*

ПЕЙШӨП *батк.* шейшеп; *пейшөвү тутулуп owруп жатат.*

ПЕКИНЧЕРӘӘК *батк.* жашынмак; *өзөндүн баашы ашуw болсо, жардын баашы кечүw болот деп пекинчерәәк ойной береттер.*

ПЕЛДЕШ *пам.* ордо ойнунда утук коюп ойногон түрү; *Сарывайдын сары сәвизиден Тилләвәйдин кәк пийәзи деп пелдеш кыгандар.*

ПЕЛЕЗ *зам.* чар; *девонага йәм усул керек ко, мен пелезди жөндөй салайын.*

ПЕНДЕЛИК: пенделик кылды *жерг.* өлүү; *пенделик кылды, энди ону базарга барса бат келет, тегирменге барса тен келет девейт ону.*

ПЕРГЕК: пергек тай *жерг.* жыгач же мүйүздөн жасалган топчуга түшүрүлгөн оймо; *бул түймөлөрүндүн пергек тайы мынча чирәйлуw экен?*

ПЕРЕП *суз., жжол.* майнап; *биз "переп" десек, Ысык–Көлдө "майнап" дейт.*

ПЕРЕШЕН *батк.* ыклас; *палан ишке көөнүм перешен болуп турат.*

ПЕС I *зам., жерг.* 1. куйту; *сен пес ачып кеткен бедең, Жора?;* 2. ала; *миймән авал күнү – тиллә, экинчи күнү – күмүш, үчүнчү – мис, төртүнчү күнү – пес;* ◊ **пес пести карангыда тааныйт** аланы ала алыстан билет.

ПЕС II *лейл.* думуккан сасык жыт; *үйдүн ичи пес болуп кетти.*

ПЕСИМАХОW *зам.* 1. келесоо, кежир; *песимахоw девесин сени*; 2. жакшы – жаман, оору – сыркоо; икир – чикир; *ушар болуп жүр, песимахowдон.*

ПЕТИРЕЙ *пам.* жепирейүү; *кичине петирейген торпокту алды.*

ПЕЧӘК I *жерг.* 1. өңү ак, жумшак

келген конфета, таттуунун бир түрү; *мәгәзинге печәк кант келиптир* ("ак печәк, ак печек" болуп да айтылат, ал турсун "ак печектин ат улук" деген макал да колдонулат); 2. *батк.* ичине өрүктүн этин салып, төрт бурч кылып жасаган кант; *жакшы жигит болом десең акылды кор кылва, печәк жасай сал*; кант – печек ар кыл таттуу; *кант — печекти көтөрүп келди.*

ПЕЧЕК II *лейл., батк., эск.* кой – эчкинин эмчегин козу – улак эмбес үчүн каптап койгон эмчек кап; *эчкинин печеги кайда?* (азыр бул көрүнүш эскирген).

ПЕЧЕК III *түшт.* малдын ичин көптүрө турган зыяндуу чөптүн бир түрү (айрым учурда жарага дары катары да колдонушат); *печек талаада өсөт, дәәри кылышат; отундун жаманы – печек, оорунун жаманы чечек* (мак.); **печек гүл** *өзг., батк.* чырмоок сымал гүл ала турган өсүмдүктүн аты; *печек гүл үзүп берсем да, кам каймак нандын шору дейсиң да;* **печек жүзүм** *суз.* жүзүмдүн чырмоок сымал бир түрү; *акылдуута бир гүнә, акылсызга миң гүнә, печек жүзүмдү аңдап ал;* топ печек чырмоок өсүмдүгүнүн калың чыккан бир түрү; *топ печекти, жоготкула;* **сары печек** *жерг., батк.* сары чырмоок; *сары печек кевөйүп кетиптир;* **печек анделек** анделектин толук бышып жетилбей калган түрү; *печек анделекти ким алат эде?*

ПЕЧЕКТЕ *батк., эск.* эчкинин эмчек учун чүпүрөк менен ороо; *эчкини печектеген улагы эмбесин деп* (бул көрүнүш эскирген).

ПЕЧЕН *пам.* печенье; *эми бир пачке печен алышып келе кал*; **куруту – печен** жалпы эле ширинди к; *куруту – печен аламын.*

ПЕЧЕТ *ал., жерг.* чырмоок өсүмдүгүнүн бир түрү; *эшигивиздин алдыга печет гүл септим.*

ПЕШ I *батк.* 1. туш, мандай; мен буйактан, *ол ойактан пешме пеш келдик, шөнтүп турсак эле, сен пеш келдиң;* 2. *өзг.* алдыңкы, мандайкы нерсе; *алдына түштү пеш болуп*; 3. *жерг.* мурун, алдыда, алгач; *хәммәсидән пеш барып, шунча коркту ки.*

ПЕШ II *пам.* этек, өңүр; *пешини сүйрөп көрүстөндөн жогору кетип баратат.*

ПЕШ III *ал., пам.* 1. сүр, каар; *пеши жолборстун пешиндей экен; пам.* 2. уруш, кериш; күч; *муштумуңду пеш кылва, әмә өлөсүң;* 3. коркутуу; опуза, айбат кылуу; *пеш кылып мушташам деди.*

ПЕШ IV *пам.* билимдүү, билгич адам; *пеш деп илими ашык кишини айтат.*

ПЫЧЫҢДА I *батк.* какшыктоо; шылдыңдоо; *пешенеси жалтырайт, көшөгөсү калтырайт деп пычыңдады.*

ПЫЧЫҢДА II *батк.* маңкаланып, таноосу кысылып сүйлөө; *жүдә йәм ынжык экенсиң, пычыңдадың.*

ПЫЧЫР: пычыр – пычыр *түшт.* кобур – собур, күңк – мыңк эткен сөз; *пычыр – пычыр болуп калды.*

ПЫЧЫРА *ал.* майда – майда темгилдүү; *пычыра курт болуш керек эде.*

ПЫЧЫРАЙ *батк.* бакчаюу; *о пычырайып алдыда турваса боло веде?*

ПЫШ I *батк.* жели чыгып деми суугандык; *дерденгеп жүрүп эми пыш болду;* ◊ **меймандын алдыда мышыгыңды "пыш" деве** *суз.* чоочун кишиге жаман сырың билдирбе.

ПЫШ II *ал.* 1. тотугуу; *ысыкка качан пышат?*; 2. күпкөлөө; *койду пышып, энди келишти;* 3. чыйралуу; *бар апаңа, аш же деп, пышып кел;* 4. иңирденүү; *түн пышты, энди жаталык*; 5. сакаюу; *балдар кызамыктан тегиз пышты.*

ПЫШАК I *батк.* мышыкты кубалоо, айдоо, чочутууда колдонулуучу сырдык сөз; *әә, пышак! пычкагыга бир салсаң.*

ПЫШАК II тегирмен ташты ары – бери жылдыруу үчүн колдонулуучу жоон жыгач; *пышакты алып бер, кулагын көтөрөйүн.*

ПЫШАҢ I *батк.* 1. көкүткөндүк; *ой, бала, сен ниме пышаң болуп, уруштурба;* 2. шыкакчы; *пышаң болушту качан койор экенсиң?*

ПЫШАҢ II *өзг.* 1. колтук – буттун тердеп эзилип кетиши; 2. **пышаң колтук** *аттын пычкагыны тындырсаң боло;* жоор; *жону эзилсе, пышаң экен деп, пычың атпасын?*

ПЫШАҢ III *батк., эск.* малдын тумшугуна узунунан салынган эн, тамга; *жүндүw пычкак атка пышаң салган эде* (азыр мындай эн салуу эскирген).

ПЫШАҢ IV зам. бир нерсени толгогондук; бутту толгой чалгандык; *көтөргөндө дәрөw пышаң салсаң жыгылат.*

ПЫШАҢДА *батк.* шыкактоо; *о жаңгыдай пышаңдавай жүр.*

ПЫШАҢЧЫ *батк.* шыкакчы; *турушуң менен пышаңчы экенсиң, болвогон гәптти арвыттың.*

ПЫШАР I: ак пышар *батк.* өңү ак туруп эле бышкан өрүктүн аты; *базардан ак пышар сатып жедик* ("ак пышты" болуп да айтылат, көгөрүп туруп эле бышканы болсо, "көк пышар, көк пышты" болуп айтылат).

ПЫШАР II *лейл.* кабаруу; *колум пышарып кетти, как пычкак.*

ПЫШКЫ *батк.* 1. кышылдак, бышылдак; *пышылдап жүрсө пышкы деп койот;* 2. маңка; *малда пышкы болову?*

ПЫШМА I *жумг.* айран, кымыз быша турган бишкек; *май чыгаргыч пышма барвы?*

ПЫШМА II *суз., зам.* сүттү уютуп, анан "гүп" деп аталган челекке куюп, бышып, майын бөлүп алгандан кийинки; *пышманы ичет, аш катыктайт* (аны кайра кайнатса, "койлон, койлосун" деген тамак болот).

ПЫШМАН *жерг.* уйгу – туйгу болуп кайгы, азап жегендик; *өткөн ишке пышман жок.*

ПЫШМАНА *ал.* алдын ала берилген задетке; *пышкы, качаак койуну пышманага бериптир.*

ПЫШМАҢКА *батк.* киңилдек; *калампыр кайнап туз болвос, пышмаңка качып түз болвос?!*

ПЫШМЫЙ *пам.* чүрүшүү; *арамза жигит белгиси пычан десе пышмыйат, саман десе саргайат.*

ПЫШМЫЛДЫРЫК *батк.* кемсинтип пыш аткандык; *ол жүдә маңа пышмылдырык атат тә уйалвай?!*

ПЫШТА I *жерг.* тоо боорунда суу келбеген, бирок эгин айдалган түзөңчө күңгөй жер; *пыштанын бүүдайы жакшы болуптур.*

ПЫШТА II *ноок.* пахта аянтындагы эки «әгәттин» бир кошундусу; *сен менин пыштамды терип кетпе.*

ПЫШТАҢ *жерг., зам.* чап басмайыл; *пыштаңды кайыш териден жасайт.*

ПЫШТЫ I *жерг.* төрт жаштагы төө; *төө бизде: сүт тайлак, тай тайлак, кунан тайлак, пышты же пышты тайлак, асый тайлак деп бөлүнүп кетет.*

ПЫШТЫ II *жерг.* талам, ариет; *сен Майлинин пыштысыны алдыңбы?*

ПЫШТЫ III *пам.* шылдың, такмаза; *пыштыны ышты кылаттар.*

ПЫШТЫ IV зам. ысуу, ысып кайноо; *апта пышты, пышкан майың кәлтә пычкакка куйулар.*

ПЫШТЫЙЕ *батк.* "болду да" деген маани де айтылуучу сырдык сөз; *пыштыйе шол да сөзвү?*

ПЫШУWЛА *батк.* казанга салынган эттин арасына бычак жүргүзүү; *казандагы гөштү пышуwлап кой.*

ПЫШЫК *баткч.* 1. бышык; нандын кәттә – кицик болушу зүвәләдән, дувалдын бош – пышык болушу гүвәләдән (мак); 2. катуу; *кайрагач пышык болот;* 3. бышкан тамак; *каймак пышык сүттөн болот;* 4. саран; *жүдә каттык, колу пышык* ("пышшык" болуп да айтылат); ◊ **гәптин пышыгы, нандын ысыгы** өткүр, жагымдуу, чыйрактан ашар жон барбы.

ПЫШЫКТУW батк. чыдамдуу; *сuwукка пышыктuw экен. пышкылыгыга каравай оwруган жок.*

ПЫШЫЛ *батк.* сууга түшүү, чөмүлүү; *торпок сuwга пышылыптыр.*

ПЫШЫЛДАК *түшт.* демикме; *пыш – пышылдак, пышылдактын үстүндө кайнар булак* (таб. мурун, көз).

ПЫШЫМ *батк.* бышыкчылык учур; *жылтырамачтын пышым увагы.*

ПЫШЫҢДА *жерг.* бышанда; *пышыкчылыкка жеткенде пышылдавай, пышыңдавай калаттар.*

ПЫШЫР *батк.* 1. бышыктоо, кайталоо; *савак пышырып отурган;* 2. тил табуу, убадалашуу; *гәпти пышырдым, жакында той болот;* 3. чөмүлтүү, чумкутуу; *кыздардын бардыгыны сууга пышырды.*

ПЫШЫТ *ноок.* 1. күйгүзүү, бышыруу; *путту пышытып жүгөрөт;* 2. *батк.* бекем бышыктоо; *аттын башынын мойунчага салып пышытып бәйләйт;* 3. *өзг.* бекитүү; *балам муну пышытып берчи.*

– Р –

РА *пам.* алыстоо; *өзүнөн өзү рап кетти.*

РАБ *зам., эск.* күн кудайы; *раб, өзүң сакта* (бул түшүнүк азыр эскирген).

РАВА *жерг.* кечиримдүү; *буга рава, самаканасы күйүп кетти* (суусап тили катты).

РАВАК I *анж.* жыртылып тытылган; *онуң колго илинбей равак болуптур, таштачы энди.*

РАВАК II *жерг.* текче; *равакка дасторконду кой.*

РАВАНГҮЛ *батк.* жакшынакай ачык түс алган гүл өсүмдүгүнүн аты; *коргондогу равангүл абдан жакшы ачылды.*

РАВАТ *ноок.* төрт жыгачка орнотулган бийик балакана; *раватка чыгып, шамалдап ал.*

РАВАЧ *зам.* чүкүрү, ышкын; *Таш – Гәзәнин равачы кичине болот.*

РАВДАЙ *ал.* көңүл; *сенин равдайыңа карап, барвай калдым.*

РАВДАЛ *батк.* кебете – кепшир; *пешене равдалын жашырып эмне кылат.*

РАВОЖЛАН *батк.* өсүп чыңалуу; *биздин колхоз кийинки жылдары равожланды.*

РАВШАН *жерг.* 1. жарык; *үзүм равшан болуп турат*; 2. кубаныч, көңүл көтөрүлгөндүк; *ширин кылат сөзүңдү, равшан кылат өзүңдү*; 3. *зам.* кооз; *күндөн күнгө Тәшкән равшан боп баратат.*

РАВШАНДЫК *батк.* бет мандай жактын ачык, жайык болуп турушу; *равшандык болвосо таң дейт.*

РАГДА *жерг.* көөн; *сиздин рагдаңызга карап жүрүп жолдон калдым.*

РАДЫ *жерг.* буудайдын өңү аппак бир сорту; *кәлхоздун рады буудайы пьшты.*

РАДЫБАДАЛ *лейл.* кездеме, товар; *бул радыбадал көйнөккө жарайт.*

РАЖА *пам.* 1. тегиздикти өлчөө үчүн тартылган жип; *ража тартып пайдувалга таш тизди;* 2. ирет, катар, баштуулук; *әйткән сөздү ражасы менен сүйлөп үргөн.*

РАЙ: райдан кайт *суз.* пейил оңо, пейилди акка сал; *ачуwуңду жут, райдан кайт.*

РАЙКАН, райкангүл *батк.* күрөң кызгылт түс алган, жыттуу келген өсүмдүктүн аты; *райканды оwкатка салат.*

РАЙША *ал.* өсүмдүктүн аты; *райша, бугдай баш өсөрүн билем.*

РАК *ноок.* ичине эт, пияз, ашкабак кууруп салып бышырылган жалпак, кичине төрт бурч самса; *рак самса жейм.*

РАКАМ *зам.* белги, сан, тамга; *менин көзүм ракам таанывай калыпты.*

РАКАНА *зам.* эреже; *бизде ракана, силерде ража дейт.*

РАКЫ *батк., ноок.* килемдан четине түшүрүлгөн көчөт; *чавадан гилемдин ортосуна, ракы четине салынат.*

РАКЫШ *чүй., сейр.* алыс; *ракыш менен жууктун ченин алган ким экен?*

РАЛ: рал чайан *кетм.* чаяндын бир түрү; *ралчайанды билвей рамазан айтып жүрөвү?* (эшек такалап жүрөбү).

РАЛХА *батк.* жүрөк; *чочуп кетип ралхам жарылды.*

РАМ *лейл.* элестеткендик, *кыган ишиңди рам этип көрчү.*

РАМЧЫ *зам., эск.* төлгөчү; *рамчынын рамыдан өзүңдүн ойуң жакшы.*

РАҢДА *лейл., жерг.* жыгач жонуучу сүргү; *муну биз ранда дейвиз.*

РАНДАЛА *лейл.* сүргүлөө; *тактаны рандалайвыз да.*

РАҢ I *жерг., өзг.* 1. ирең, боёк; *кара раң, куру раң бовосо, ит терисини баашыга каптаймын дептир*; 2. кооз сайманын түрү; *раң, көптүрмө жасавасаң аштаваган тээридей тырышасың;* **шowда раң** *жерг.* темирди кызытканда агыш кызгылтым түскө кирген учуру; **хава раң тавланды** *жерг.* темирди биринчи учурда отко кызытуу учуру.

РАҢ II *пам.* көл жээгине көк жашыл болуп өсүүчү өсүмдүктүн аты; *о Көл бойуда раң өсөт.*

РАҢ III *батк.* жөөк; *өзүңдүн раңыңа түш.*

РАҢДУW *жерг.* өңдүү, түстүү, ыраңдуу; *онун кызы раңдуу.*

РАҢПУРУШ *жерг.* боёк саткан соодагер, боёкчу; *раңпуруш күнжүт жегендей* (андай – мындай) *гэп урат.*

РАПТА *жерг.* дандырга нан жабуу үчүн чүпүрөктөн тегерек кылып шырылып жасалган кичирээк жука жаздыкча; *рапта жасап койдум* (кээде "рәфтә, ирәфтә" болуп да айтылат. Анын артында кармоочу болот. Бетинде ун сээп, анан жайылган камыр коюлуп, очокко жабылат).

РАССА *ал., суз.* абдан сонун, мыкты; *оо, расса жигит экен.*

РАСЫМ *батк.* адат, көнүмүш; *колун оwзуна салып жүргөнү расым болуп калган да.*

РАТ *пам.* алыстатуу; *өгөй эне атаны баладан ратат деген гэп түк жалган экен.*

РАХАНА *зам.* бузулган жер; *ол үй раханага айланыптыр.*

РАХМАЛЫ *лейл., эск.* бейиши; *рахмалы болгур, эстен чыкпайт* ("рахматы, раматы болгур" деп да айтылат).

РАХМАН *атб.* төө кайтарган киши; *көңүлдөн көңүлгө жол бар дейт, ал рахман.*

РӘЗИЙӘ: рәзийә алма *батк.* алманын бир түрү (кычкыл келет); *рәзийә алма, кымызек алма, апорт алма, нәмәнгән алма болот.*

РӘЙИЖ *лейл.* капа болгондук, капа кылгандык; *ол урушса, хәммәни рәйиж кылат.*

РӘЙИС *батк., лейл.* председатель, башкарма; *рәис дә путуну бәйләгән тоwоктой жүрмәк беле?* (шайдоот, шар жүрөт эмеспи); **рәйис чәй** коюу салынган көк чай; *рәйис чәй бовосо гәшү күйөт* (каны кызыйт).

РӘМӘТ *ноок., эск.* илгери теңге түрүндө салынган салыктын бир түрү; *рәмәт деп о ахмак әссәсини бир жоготкон* (бул көрүнүш азыр эскирип жоюлган).

РӘМКӘ *ноок.* жипке тизилген тамеки жалбыректарын кургатыш үчүн аралыгы жакын – жакын кылып илингени (күн тегиз тийип, жел өтүп тургудай болуп); *жипке өткөрүлгөн рәмкәни көрсөт.*

РӘСӘКӘМ *батк.* өтө, абдан, аябай; *рәсәкәм чевер айал экен дә.*

РӘСВӘ *батк.* чаң – тополоң; *ә, рәсвө әй, кечээтен бөри күттүрдүң;* ◊ **тышыдан кооз, ичиден рәсвә** *жерг.* ичи калтырак, тышы жалтырак.

РӘСИМ *зам.* сүрөт, элес, кооздук; *рәсим салышка уста эдем.*

РӘСТӘ *түшт., эск.* көчө бойлото салынган дүкөн; *мурда Ошто рәстә көчөсү болгон.*

РӘФТӘР *жерг.* барды – келди; *туwгандарыңа рәфтәр кывасаң, кайдан әдәм болосуң?*

РӘХБӘР *жерг.* башчы; *от күйвөсө, түтүнү бовойт дейт о рәхбәр.*

РӘХБӘРЛИК *жерг.* башчылык; *бүгүнчө сен рәхбәрлик кыл.*

РӘШПҮ *өзг.* өтүктүн таманын

тегиздей турган өгөө; *әкә, рәшпүңдү берип турчу.*

РЕЗГИ I *батк.* түшүм; *шалынын быйылгы резгиси жакшы болду.*

РЕЗГИ II *батк.* жаш көчөт; *резгини тиге койгула, онон кыркма сувайды әйтип берем.*

РЕМЕК *зам.* коон – дарбыздарды сугаруу үчүн жасалган айланма арык; *о рәдивәдәл кийген бала ремек тартып жүрөт.*

РЕНТ *батк.* өтүккө коюла турган чарым; *өтүккө рент койовусуң?*

РЕШИРЕ *батк.* куугүм; *Кәлтә–Булакка барганда решире болду.*

РИВОЙАТ *жжол.* кандайдыр бир жободон мисал, үзүндү; *бир ривойат келтирди.*

РИҢДИК *жерг.* бутактуу, майда сары гүлдүү өсүмдүктүн аты; *риңдикке пиллә жүдә тез оройт* (кээде ириңдик" деп да аталат).

РОВДӘЙ *батк.* шарт; *иштин ровдәйигә карадык дә.*

РОЙӘТ *батк.* иш жүзүнө ашкандык, ачыкка чыккандык; *кыган ишиң ройәткә чыкпаса, өзүңдөн өзүң четтейсиң.*

РООЛО *кетм.* кубаттоо (сырдык сөз); *роолоп багынып, жалпак тилге салып жагынат.*

РОХ *жерг.* жол, из; *рох бовосо, кантип барасың?* ◊ **рохуң ачылсын** ак жолуң ачылсын; **рохи сәфед** *жерг.* ак жол тилегенде айтылчу сөз; *рохи сәфед әйләнәйин, окувуңду жакшы оку.*

РОХБӘРЛИК *жерг.* жетекчилик; *сен рохбәрлик кывасаң, башканы әйт.*

РОХГӘРД *жерг.* жолоочу; *сиз узактан кеген рохгәрдвисиз?*

РУБӘЙИ *жерг., пам.* көп муундуу келип, маани иретинде айтылган ыр түрлөрү; *көңүлүвүз чагылгандын отудан, жүрөгүвүз уйул–гуган шамалдан ... деп рубәйи әйтәт эделер.*

РУВАП *жерг.* музыкалык инструменттин аты; *рувапты чертчи, бийге түшөйүн.*

РУВАПЧЫ *жерг.* "рубоп" черткен адам; *ол бала – жүдә рувапчы.*

РУЗ *жерг.* күн; *буйакка башка руз келейин.*

РУЙАН *өзг.* тамырын казып кургатып жанчып, боёк алына турган өсүмдүктүн аты; *маңа сүткө түшкөн пәшәәдәй бово* (бүтүүчү ишке тоскоол кылба) руйан казам.

РУЙХАТ *жерг.* эл, мал каттоо; *жылыга малдардын руйхатыны алышат.*

РУСТА *жерг.* чач алгыч; *руста менен чачымды алып кой.*

РУХ *зам.* ыргылжың боло калгандык, көңүлү чөгө түшкөндүк; *сәәл эле гәпкә руху түштү.*

РУХСАТ *жерг.* уруксат; *кегенде ихтийәр менен, кеткенде де рухсат менен.*

– С –

СА *батк.* сал; *шалыны капка са* (Баткендин Ак – Турпак тарабында).

САА: саап жылдыр *жжол.* илгерилетип кармап жылдыруу; *каданы саап жылдырып отурду.*

СААВА *лейл.* кышында келе турган сайрагыч чымчыктын бир түрү; *бүгүн саава туталы.*

СААВАН I *лейл.* эс, акыл; *Жусуп күрөшсө, Жумавай сүйсайт деген сааван әйтти.*

СААВАН II *батк.* сайрай турган чымчыктын бир түрү; *чәндәлөч, саава учуп келди, айтып кой.*

СААГЫЗДАМА *жжол.* саан; *эки маал саагыздама энелүү тайлар кошокто.*

САДА *жерг.* жылма тоголок; *сада бүгдай септирген.*

САДАК *өзг.* кар жиликти жандай өскөн ичке сөөк; *кар жиликтин садагы менен жиликтин чучугун алууга болот.*

САК *пам.* сөөк – пөөк; *ач бөөрү саак жей берет.*

САКЫ *батк.* уйкусу качкан; *сакы киши аз уктайт.*

САКЫЛЫК *ноок.* марттык; *сакылыгыга маашыр болуп күлдү.*

САЛ: караңгы саал *пам.* көлөкө; *караңгы саалдай ээрчип жүрөт.*

САЛЫ *жерг.* сарыгуу; *халтадагы чәкә саалыды.*

САЛЫК *батк.* зоор тамак; *салыкка сом гөштөн бөлүп кой.*

САЛЫТ *жерг.* сарыктыруу; *ону саалытып сал, сол ташыга урунбасын.*

САМ *үй.* кыял түйшүгү; *чалкыган ой саамына балкып кетти.*

САМАЙ *батк.* чакмак таш ойнунда оң колдун сөөмөйү менен жер чийип, учкан ташты тосуп алуу учуру; *ону саамай, кай бирде сыйыр саамай, сыйыр саады деп айта береттер;* **саамайына жүрөйүн** айланып кетейин (бул сөз кыз балага карата айтылат да «чачына жүрөйүн" деп да колдонулат).

САМАЙЫЛ *үй.* жүгөндүн жаак тарабына келген бөлүгү; *жүгөндүн саамайылын оңдоп, жай бергенге жай бер, жан бергенге жан бер – деди.*

САМАКТА *кочк.* кылчактап айлануу; *уйасын саамактап, жакын жерге конду бөдөнө.*

САМАЛ *батк.* чоң көчөттүн бир бөлүгүнүн аты; *саамалды түшүрбөсө, кулагынын тәгидән ысытып кой* (какыс – кокус кыл).

САМАЛДЫК *үй.* тарам – тарам жалбырактуу өсүмдүк; *ойноп болуп, саамалдык жулуп келели.*

САМАЛЫКТА *үй.* саалыктоо; *тайпакка жеткенде саамалыктап шоңшойо калды.*

САМДА *акт.* тиктеп телмирей кароо; *күйгөн отту саамдап, комусун чертип олтурду.*

САМКЫ *акт.* жолку; *ушу саамкы чырдан алыс кыл.*

САМЫТ: сакал саамыт *жерг.* сакал – сукал; *Сарывай әкәм ичкери, сакал – саамыты тышкары* (таб. сабиз).

САР *түшт.* күн аркан бою көтөрүлгөн кез; *арда саан сыйырывыз бар эде, кечигип, саарда падага коштук;* **көвлөм саар** *лейл.* көктөм мөзгили; *соорлор көвлөм саарда келеви?*

САРАЛА *пам.* бошонуу; *ону «кудай» урваса, сараалап туруп ырдайт.*

САРГЫЛЫК *батк.* эртең менен эрте тамактана турган оокат; *сааргылыкка биз да туравыз.*

САРКЫ *жжол.* эртең мененки; *сааркы ырыскыдан кайтпа.*

САРЛЫК *жерг., батк., лейл.* зоор маалда ичиле турган тамак; *бүгүн саарлыкты эрте жедик.*

САТ *батк.* тыянак, жыйынтык; *эки айдан бери сааты чыкпайт.*

САЛАМ – САТ *батк.* дайын; *салам – сааты жок, сакал – муруту жок.*

СӘРӘМЖӘЛ: сааты бүтүw *пам.* даяр болуу.

САТ: увак саат *батк.* кез – кезде; *увак саат саарлап келип.*

САТКАНА *тяньш.* саат ондотулуучу жай; *саатканага чейин кууп барды.*

САТКЫ *чүй.* балээ, кырсык; *жакындап келаткан сааткыны капарына албайт.*

САТКЕР *атб.* ар түрдүү оймо – чийме, кооздук; *үйдөгү келген мейманга үйдөгү сөздөн кеп урбай* (орду жок сүйлөй бербей) *сааткерди көрсөт.*

САТТУW: сэрамжэл – сааттуw *пам.* чебер, тыкан; *әйәли сәрамжәл сааттуw эде, тойдун камыны бүтүрдү.*

САБДАЛ I *өзг.* сакал тарак; *кулак сүйүнчү болсун, сакалымдын сабдалын таап кой.*

САБДАЛ II *жжол.* 1. жылкынын узун, ичке сыйда куйругу; *Сабдал куйрукту чычайта түйгөн*; 2. *тал., түшт.* багжагай; *менин көзүм сабдал, сакал чалда.*

САБДАЛДА *өзг.* тегизден; *сабдалдап сакал тараган.*

САВА I *чатк.* сөйкөнүн бир түрү; *чырайык ачык келин сава тагынып алыптыр.*

САВА II *жерг.* малга жүк жүктөгөндө ич жагынан жипти сыдыра тартуу; *жипти савап бер да, синжирини өйдө тарт.*

САВАК I *жжол., чатк.* ар кыл металлдан таманы жазы кылып жасалган иймек, сөйкө, сырга; *сарөwлоп жатып савак жасайт.*

САВАК II *пам.* кыр ылдый тик түшкөн жол; *сопкеге кыр айланбай эле савак менен түшүп бар.*

САВАК III *жжол.* көгөн; *козунун савагын саргайт чалган экен.*

САВАК IV *батк.* чөөгүндүн туткасы; *чөвгүндүн савагы сынып калган го.*

САВАКТА I *пам.* кыр ылдый түшүү; *Кум – Жылганын башыдан савактап шондойу менен түшөм.*

САВАКТА II *жжол.* көгөндөө; *савактап козу байлаган, саргайтып майын чайнаган.*

САВАКТА III *өзг.* кеңештеш, акылдаш, пикирлеш; *көңүлдө сырым савакташ.*

САВАКУН *жжол.* сүйгөнүнө жете албай ак урган адам; *мен әйтәмин жиптирдин жигирмәсин, савакундар үйүңдү үч кур алсын.*

САВАЛ I *батк., лейл.* 1. суроо; *сүрөткө тарткмай ойну бар десе, оңо савал берди*; 2. сурoo – жооп түрүндөгү ыр, айтыш; *бала ырчы менен савал кылып ырдашкан.*

САВАЛ II *жжол.* 1. кайкып учуп түшүү; *сары жалвырактар савалып түшүп жатат*; 2. *жерг.* бир кылка баштаныш чабылуу; *тогузунчу чапкы менен чапсам, савалып түштү*; 3. боюн бош таштап басуу; *илкип савалып басканыны караң, жаш да шондой басавы?*

САВАП *өзг.* сооп; *карыган кишиге жардам берсең, кәттә савап болот.*

САВАТ: **салт – сават** *батк.* салт – санаа; *ата – бабалардын салт – саваты өзгөрдү.*

САВОО *атб.* боз үйдүн сызма боосу; *савоону жол – жол кылып кооздоп жасайт* (эгер жол – жол

кылбай 10 – 15см. өлчүмүндөгү жазылыкта терип согулса "терген боо", "терме боо" деп аталат).

САВАЧЕК *суз.* сабоо; *савачек менен жүн савайт* ("савычек, савөчөп" болуп да айтылат).

САВЗАВАТ *зам.* мөмө – жемиш; *бош лингэ болсо, савзават апкел.*

САВЗАН *жерг.* сазан; *жону кара, кызыл сепкилдүү болсо – кызыл чаар, жылма болсо – савзан дейт.*

САВӨW *зам.* сабоо; *жеңеңдин савөwүн алып келчи.*

САВУКБОР *жерг.* жеңил, анча оор эмес, жүгү аз; *калп эле савукбор дейсиңиз.*

САВУКДӘСТ *жерг.* жеңил кол; *Селки эже жүдэ савукдэст.*

САВУКРАП *жерг.* тез, ылдам; *савукрап мошин экен, седэнэгэ мурда жеттик.*

САВУН I *жерг.* самын; *арак савун бар бекен?*

САВУН II *кетм.* мүдөө; *савуну жок бекен?*

САВЫЗГАН *жерг.* сагызган; *узун–узун улама учу менин колумда, савызгандай сайраган чэчи менин колумда* (таб. чакчоо).

САВЫЛГЫ *өзг.* табылгы; *савылгы менен айдай кел.*

САВЫМ *тяньш.* зобун; *канына савым боло алвайм.*

САВЫН *лейл.* убараланuу; *мен жүрөмүн савынып.*

САВЫР *өзг., эск.* эскиче тигилген шымдын бир түрү; *савыр тигип савыр богон* (азыр мындай шым учурабайт).

САВЫСАТА *жерг.* 1. оюн – зоокто ирет менен ырдагандык; *савысата ырдайвыз деп савылды;* 2. *өтм.* узун жомок; *сен маңа савысата окува.*

САВЫТ *акт.* жоопкерчилик; *чавырлардын милдет, савыты апасынын мойнунда.*

САГ *суз., сейр.* саа; *Өктөм көп сүт сагып алды.*

САГАА *кем., сейр.* улага; *сагаа жерде эмне отурасың?*

САГАК *жерг.* 1. моюнга тагыла турган шуру – мончоктуу тизмек, ээк байлагыч; *жакшы сагак тагыныптыр;* 2. *пам.* чачкепке тагылган шуру, тумарча, тээк ж.б. жалпы аты; *агарган таңдай белгилүw сагагындан нәзикжән;* **ачык сагак** *жерг.* чечип алууга оңой жасалган шуру – мончок тизмеги; **пүтөw сагак** шуру – мончоктун туюк жасалган тизмеги; **сагак баашы** *пам.* боз үйдүн сагагын элестеткен түр, көчөттүн аты.

САГАКТА *түшт.* 1. атты сагалдырыктан алуу; *сагактап кетишти;* 2. сөйкөгө «сагак» салуу; *сагактап алдым сырганы.*

САГАНА *жерг.* 1. адегенде айбаны казылып, анан жан – жагы кыбылага карай оюлуп, өйдө – ылдый жагы кеңейтилип, кишинин баш – аягы батkыдай кеңири казылган көр; *өз атасыны сагалап саганага койгон;* 2. *жжол.* мүрзөгө коюлган белги; *кавырга да, сагана да койушат.*

САГАНЧЫ *ноок.* саанчы; *сары айакка куйдурган, саганчыларга суңдурган.*

САГАТ *өзг.* саат; *сагатың турган жерде китеп бар.*

САГАВУЗ *батк.* жаш балдарды тилдеп урушканда колдонулуучу сырдык сөз; *мындай сагавуз болвой жүргүн.*

САГЫЗБИЙИ *батк.* бихи өсүмдүгүнүн мөмөсү сулууча келип жештүү болгон, көбүнчө палоого салына турган түрү; *сагызбийиден алып ке, ашка басалы.*

САГЫЛЫЧ *суз.* күйүт, арман; *саңа сагылыч беде?*

САГЫНДЫК *пам. эск.* илгери колдонулган алты – сегиз сайлуу, стволу кыска, жези ичке, огу колдон жасалган мылтыктын түрү; *сагындык*

азыр кезикпейт, сагра нан азыр желвейт.

САГЫР *жерг.* көбүнчө жер алдында күн көрүүчү жандыктын бир түрү; *атыңдын башыны карап чап, сагырдын уйасы бар.*

САГЫРА *түшт., зам., пам., жерг.* 1. жетим, томаяк; *сагыранын акы – темирдин огу*; 2. *өтм.* селсаяк, тентимиш; *о сагыра, атасы карыса кул кыла веде?*; 3. *өтм.* тамашалоо, эркелетүү иретинде жаш бала, жаш жигитке кайрылуу сөзү; *эй, сагыра, сен не кылып жүрөсүң?*; **хыт сагыра** *жерг.* куу, митаам жетим бала; *хыт сагыра, ак сүйлө, ак сүйлөсөң так сүйлө*; **сагыра аш** *жерг.* болор – болбос, жетер – жетпес тамак; *сагыра ашын ичирбе.*

САГЫРЧЫЛЫК *пам.* жетимчилик; *сагырчылык калып, ондойдон тыммын.*

САДА *түшт.* төбө жагы тегерек тартып бутактап көлөкөлүү келген кара жыгачтын бир түрү; *саданын тәгидә кычырат*; **сада анар** бутактуу болуп өскөн анар жыгачы; *сада анардын түвүнө отуралык.*

САДЫРА *тал., сейр.* жер эзилип турган учуру; *баткак садырада кайда жүрдүң?*

САДЫРВЕК: садырвек айдаган неме ◊ *ыск.* жалкоо; бир жерде турбаган басаанак.

САЖЫ *жерг.* кумшекер, каймак кошуп боорсок өңдөнтүп майга бышырган тамактын аты; *додо-додо кылып кант-каннет, сажы алып келди.*

САЗ *жерг.* 1. сонун, өйдө, жакшы; *аз болсо йәм саз болсун*; 2. эп, орундуу; *аз сөз – саз сөз* ("аз сүйлө, лекин саз сүйлө" болуп да айтылат); 3. көркөм, кооз; *саз жәйлөwтө кырка тартып эл конот*; 4. жыргал; *ойундун сазыны билип жүр*; 5. келиштиргендик; *ак боз атым саз токулду*; 6. оңтой; *сазы келсе, кәлтәк менен кагып алат*; 7. бап, чак; *тумагы жүдә саз келди*; **сазыга түшөр бекен?** ◊ *зам.* оңолор бекен, жакшы болор бекен?

САЗА I *суз.* шак, абийир; *жигиттин сазасы сынганча, шайтандын мойну сынсын.*

САЗА II *ал.* хандын жигити; *илгери кан жандаган жигиттерди саза деген* (азыр бул түшүнүк эскирген).

САЗА III *чүй, эск.* сазай; *сазасыны бер, шондо ит үргөн жакка жүгүрвөйт.*

САЗА IV *лейл.* комузга үн кошуп ырдоо; *ол сазай баштады, энең карыса күн кыва деди.*

САЗАВАР *зам.* жакшы атакка жетишкендик; *диплом алып сазавар болду.*

САЗАН *зам.* көбүнчө эки, төрт же алты саптан туруп, акыл – насаат, лирикалык мазмунда ондон ашык муун менен күү аралаштырылып ырдалган өлөң; *сазан әйтип, адамды эритет.*

САЗАНДА I *зам., жерг., лейл.* музыкалык аспаптын бир түрү; *онун сазандасыны бергиле, бовосо ат айакка мүдүрөт.*

САЗАНДА II *зам., жерг., лейл.* 1. күүгө ыр кошуп ырдаган киши; *сагырдыкты көп көрүп жүрүп сазанда богоң*; 2. өзбекче, тажикче ар кыл оюн койгон өнөрпоз; *ол сазанда кумга бүткөн сөксөwүл эмес, тәжиги саз ойун койот.*

САЗАНЧЫ *лейл.* ар кыл музыкалык аспаптардын коштоосу менен ырдаган киши; *той богондо сазанчылар көп келеттер* ("сазчы" болуп да айтылат).

САЗБАР *батк.* ынтымак, жакшы мамиле; *коңшуң сазбар болсун, ондо аңкowдун алды.*

САЗДА *жерг., зам.* жакшылап

ондоо, ылайыктоо; *малды саздап келейин, онон сом сөйкө тагып берем.*

САЗДАН *өзг., ноок.* даярдануу, ондонуу; *мен келгенче сазданып тур.*

САЗЕ *түшт.* баса, катуу, жеткире; *– Ой... эмне мынча үрпөйдүң деп, сазе айтып жиберди.*

САЙ I *ноок.* дал; *үнү көwдөнүтө сай кевеген ничке.*

САЙ II *чүй.* эшилме; *оногу тоwдун куйулган кумуга – көк сайга чыктым.*

САЙ *алб.* колдоо, жөлөө; *сәдиси бузук ит итке сайат.*

САЙА I *жерг., лейл., батк.* көлөкө; *ийринин сайасы йәм ийри.*

САЙА II *чүй.* түзүк, дурус; *сойо турган малы сайа экен.*

САЙААҢАЧ *батк.* сайгыч; *кештени сайааңач әйәлдәр жүдә чевер сайаттар.*

САЙАВАН *ош.* 1. бак – даректын көлөкөсү; *алдың – шивер, төвөң – сайаван*; 2. *тал.* кол чатыр; *ак сүйлөсөң үч сүйлө, үч сүйлөвөсөң кара жаак мылтыкка жолук деп, сайаван менен качырып калдың;* **сайаван арава** *ош.* дөңгөлөктүү, үстү жабык араба (бул көрүнүш азыр эскирген).

САЙАВИР *түп.* суйдаң, сейрек; *Кең–Суудагы карагайлардын бутагы сайавир келет.*

САЙАЗ *жжол.* тайыз; *тоwго кетип баратып суwдуң сайаз жериден өттүм* ("сайас" болуп да айтылат).

САЙАЛА *түшт.* көлөкөлөө; *биздин эл сайалап турду.*

САЙАК *батк.* басанак, бир жерге токтобогон; *токтовогон сайак уй экен.*

САЙАНАР *батк.* саяпкер; *саргайып сайат тоспосо, сайанар кадыр не билсин.*

САЙАР *тторо.* ордо ойнунда бир чүкө калса, аны жалгыз оюн катары атуу жолу; *сайар кылып ойногонго кызыкпайт да.*

САЙАТ *лейл.* саякат; *чөгүндүгө сайат кып келели.*

САЙАТТА *лейл.* саякаттоо; *сайаттап баратып чөкөгө путуну тилдирип алды.*

САЙАТЧЫ *лейл.* саякатчы; *сайатчыга чөкөр коwундан экитә берип койуң.*

САЙАЧЫК *тторо.* жолум, жолум үй; *мергенчилер сайачык кылып алышчу* (азыр бул учурабайт).

САЙБУWРУН *алк.* салбырын; *сайбуwрунда кийикке уйушуп чыгат.*

САЙГАЛАК *пам.* сайрагыч; *эчкинин сәәри кычышса, койчунун тайагыга сөйкөнөт деди сайгалак.*

САЙГЫЧ *чүй.* таякчаларды учтап алып, жерге уруп сайып, жыгылган таякты утуп алып ойногон оюн; *кичикийивисте сайгыч ойночу элек* (бул оюн азыр ойнолбой калды).

САЙДАК *батк.* куюлуп түшкөн кум, шагылчасы бар өндөнгөн жер; *мәкәдән чоңураак ташы бар – сайдак.*

САЙКАЛ I *жерг.* эскиче билими бар аял; *Сайкал болсо ле китеп окуй алар?* (азыр бул атоо эскирген).

САЙКАЛ II *лейл.* 1. кварц кум; *сайат тоскондор ак сайкалдан өтүп, тартма саздакка жете барат*; 2. алтындын буусу жалатылган жалтылдак; *сайкалдай ачылган жаштар*; 3. *өтм.* жылтырак, жылма; *чөмүч савыны сайкал кываса, ичини ит талар* (күйүп – жанып чыдабай кетер).

САЙКАЛДА *батк.* 1. кварц менен кумдап жуу, кум менен жышылоо; *челектин тышыны сайкалдап жуw;* 2. жылтылдоо, жылмалоо; *ак төмөнөгү сайкалдайт.*

САЙКӘШТЭ *пам.* шакекке түшүрүлгөн орнамент; *таза жакшы сайкәштә салынган шәкәги бар экен.*

САЙКЕШ *жерг.* шайкеш;

шайырдыкка токтоwлук сайкеш келди ("сайкөш" болуп да айтылат).

САЙЛА *атб.* бир нерсени кумдап тазалоо; *бөтөлкөнү сайлап жуудуңбу?*

САЙМА *суз.* талдын бир түрү; *сайма тал чыгат солк этип.*

САЙМАГУЙРУК *ыск.* канаттуулардын, өзгөчө «кара чоку» деп аталган бүркүттүн куйругундагы кооз талы; *күн көрөм десең, эрте тур да,* (эмгек кылам десең эрте ойгон) *саймагуйрукту кара.*

САЙМАГҮЛ *пам.* чоң – чоң, кооз кызгылт сары гүл ачкан, гүлүндө тарам – тарам оймо – чиймелүү издери бар, чанагы чоң өсүмдүк (көбүнчө жайлоолорго чыгат); *саймагүлдөй түрлөнөт.*

САЙМАЛА *түшт.* сайгылоо; *саймалава санымды, сайкеш кесе йәм әлә әвәйсиң.*

САЙМАЛАКЕЙ *чүй.* ала – була саймалуу; *саймалакей пардалуу кийим илгич.*

САЙПАРА *ноок., эски.* илгерки мылтыктын бир түрү; *сайпара мылтык асынып салкын жерде.*

САЙПАРЫ *батк.* сарпайы; *сайпары кийгизип, онон оwуз майлайт.*

САЙРА *ал.* ачык машинада соода кылуучу катар дүкөн; *сайрадан да таппадым, саймедиреп сурадым.*

САЙРААК *чүй.* жаагын жаныш көп сүйлөгөн; *сайраак ко ал, ал сайраактын жүзүн ары кылсын.*

САЙСАГЫЗ *тал.* бою бир метрдей же андан да бийик келип, бышкан кезде сары гүл ачып, сабагын сындырса сүт чыга турган өсүмдүктүн аты; *жүргүлө сайсагыс терип келевис.*

САЙСАРЫМСАК *чүй.* сарымсак өсүмдүгүнүн суу бойлоруна узун болуп, даамы ачуу келип өсө турган түрү; *Кегетинин сайында сайсарымсак көп өсөт.*

САЙЫЗГАН *лейл.* сагызган; *дөвөгө сайызган келип конду.*

САЙЫН *ыск., эск.* илгери бийликтеги адамга берилген титулдун бир түрү; *сайын – сайын – сайын деп, кол куушурат* (бул атоо азыр эскирген).

САЙЫНДА *ыск., эск.* "сайын" деп кайрылуу; *сайындашып турду дейт.*

САЙЫП: ак сайывы *батк.* жүзүмдүн өңү ак келген сорту; *Бекиштики ак сайывы жүзүм;* **кара сайывы** *батк.* өңү кара жүзүмдүн сорту; *Беккул коргонго кара сайывы жүзүм отургузду.*

САЙЫР *батк.* жыгач өсүмдүгүнүн бир түрү; *эшиктин алдына сайыр үйүп койдум.*

САЙЫРЛА *жерг.* эл – жер кыдырып көңүл ачуу; *элди аралап сайырлай баштады.*

САЙЫШТЫР *суз.* чыйрыктыруу; *бүткөн бойум сайыштырып турат.*

САК I *лейл., жерг.* конч; бу өтүктүн сагы.

САК II *кочк.* кудурет, касиет; *азамат жүүнүн бошотор ыйык сак урар беле?*

САКА I *лейл.* 1. жалпы эле тоголок нерсе; *күкүктүн сайнегиндей толмочум деп жүрүп сака болдум;* 2. *эск.* илгери шайлоо учурунда колдонулган тоголок таш; *сака береrди көптөн күткөн* (азыр бул көрүнүш эскирген); 3. шарик, подшивник ж.б. нерселер; **жаңак сака** *өзг.* жаңгактан сака кылып атышып, утушуп ойногон оюн; **май сака** *жжол.* жаңак менен ойнолуучу «сака» ойнунда колдонуу үчүн чоң жаңгакты койдун тоң майына кайнатып жылмакайлатып алганы; *эң жылмакайы май сака;* **жылтынке сака** жаңгактын ордуна тоголок шарикти сака кылып ойногон оюн; **сака ойун** *батк.* чүкө же жаңгакты

кеңге тизип, сака менен төргө чыгып, атышып, утушуп ойногон оюн; *сака ойун шу тапта кәм ойнолот* (бул оюн кай бир жерде кыргызча "төрдөн атмай" деп да аталат).

САКА II *жжол.* жара, зыян, залал; *мергенге эч сака жетпеди.*

САКАВАТ *жерг.* адамдарга мал союп, аш демдеп, тамак берип сыйлагандык; *мурда сакават болор эде, эндичи?*

САКАВАШ *тторо.* жалаң сака менен атышып утушуп ойногон оюн; *сакаваш ойнунда кайсы саканы учура атса, ошол утат.*

САКАЙ: **кедей–сакай** *тторо., түшт.* жарды; *кедей–сакай экен, ошол жерде туруп калат* (азыр бул түшүнүк эскирген).

САКАЛ I *акт.* 1. мергенчиликте теке аткан адам шыбагага бере турган эттин бөлүгү; *текени өөктөп сойуп сакал, төш, сан, кол, уча берет* (кулжа, эчки, улак атканда сакал чыгарылбайт). 2. *жжол.* эки киши жер күрөктөп же отоп келе жатканда ортосунан калган ичке жер; *ортосундагы сакалды ким алат?*

САКАЛ II бир нерсенин кенедей болуп түйүлө түшкөндөгүсү; *кулактарын жапырып, сакалдай түйүлүп баратат.*

САКАЛА *лейл.* тоголоктоо; *эчкисини чу–чулап барып, сарпайысы йәм сакалап койду.*

САКАЛАКТА *жжол.* салактоо; *сакалактавай жөн жүр, сайчага жетип калдык.*

САКАП *тал.* ашык; *сакап болгонум да ырас, сүйгөнүм да ырас.*

САКИ *атб.* 1. жалкотой; *жедеп саки болуп бүткөн экен*; 2. *тал.* куу, каптал; *саки болгон түлкү изин жашырып кар бургайт.*

САКМАКТА *чүй.* саксактоо; *кулак түрүп үркөсүңөр сакмактап.*

САКОW *пам., жерг.* 1. чулдур; *ол сакоw сак кулак, айың эйтет;* 2. *өзг.* дудук; *сакоw киши сүйлөй әвәйт;* 3. *пам.* жылкынын тамак оорусу; *кулуну сакоw богон экен*; 4. дүлөй; *онун кулагы сакоw, укпайт*; **туңгуйук сакоw** *батк.* туубаса дудук; *туңгуйук сакоw сүйлөвөйт*; **сакоw болгур!** каргап шилөөдө колдонулуучу сырдык сөз.

САКОWСУРА *батк.* ооруксунуу; *кашка кой жиндей сакоwсурап калыптыр.*

САКООЗ *батк.* оозуна келгенди сүйлөй берген; *сакооз адам ката айта берет.*

САКПУСТИН *жерг.* сүткө кайнатып, бел ооруга дары катары ичире турган өсүмдүктүн аты; *шамалвак сөйкөсү бар әйәлгә сакпустин берген эде.*

САКСАГАЙ *зам.* коюу ботко; *дарywдан бир саксагай деген овкат кылат эде.*

САКСАЙ *чүй, жумг., атб.* конок, акшак, буудай, таруудай майга ботко кылып жасалган илгерки тамак; *конокту майга бышырса, саксай болот* (азыр бул көп учурабайт).

САКСАК *иск., чүй.* эркеликке жендирип, оокатка көңүл бурбай, жасануу менен күн өткөргөн кыз – келин; *ай–ий саксак, кимге чөп салар экен?!*

САКСАКТА *жерг.* акактоо; *касаптын итидей саксактап жүгүрөт.*

САКТА *зам.* эки жүздүү; *ондой сакта адам бу әйилдә жок.*

САКТАМА *батк.* илгери дарым учурунда колдонулган сөз; *сактама–зәди жәмә куw мурун* (бул сөз азыр эскирген).

САКЫ I *жерг., пам.* 1. бирөөнүн акысын жебес; *сакыда нәсип болот;* 2. март, берешен; *ол жакшы адам, ай*

менен күндөй бардык элге бирдей, өзү сакы, бере берет; 3. *эск.* ар кандай алык – салыктан бошогон адам; *сакы киши төлөвөйт.*

САКЫ II *пам.* канаттуулардын ичинен эң мурда ойгоно турган бир түрү; *сакы йәм тең, ол да тең.*

САКЫЙ *зам.* колу ачык; *қирәә әйәвәгән сакый адам.*

САКЫЙЛЫК *зам.* марттык, берешендик, колу ачыктык; *он сом берип сакыйлык кылчы.*

САКЫЛА *тоң.* кеч бешимден тартып күүгүмгө чейин козуларды энесинен бөлөк бөлүп кайтаруу; *козу сакылап жүрөт.*

САКЫЛЫ: бүкүлү–сакылы *батк.* тамакты шашып күрмөп – сүрмөп жегендик; *бүкүлү–сакылы кылып жедим овкатты.*

САКЫМ *чүй, миф.* ишеним боюнча көзгө элес – булас көрүнүп, адамдарга оору, кыргын алып келе турган жандык; *көзгө элес–булас сакым келе жатканы көрүнөт* (азыр бул түшүнүк эскирген).

САКЫТ *баткч.* милдет; *онун сакыты беде?; мойнумдан сакыт кылдым* ◊ милдеттен бошондум.

САКЫЧ *жерг.* сагыз; *ак сакыч ороп мен бардым.*

САЛ I *жерг.* 1. бодо мал же бир нече кой туюк союлуп, терисине жел толтурулуп жасалган паром (бул паром 6 – 8 кой терисинен, же өгүз, торпоктун терисинен жел толтурулуп, үстүнөн жыгач решетка коюлуп, 2 – 2,5м. көлөмүндө төрт бурч болуп жасалат да, 5 – 2 т. көлөмүндө жүктү суунун агыны менен алып кете алат. Аны салчы адам башкарат. Сал менен жүрүү Жерге – Талдын баш жагынан Гарм деген жерге чейин орун алган. Андан ары Кызыл – Суунун агымы катуу жана кууш жерден өткөндүктөн колдонулган эмес. Салды кийин желин чыгарып мурунку жерге төө менен жеткиришкен. Ошентип, илгери сал – суу менен катташуунун транспорту, суу жолу болуп келген).

САЛ II *акт.* 1. сом, чулу таш; *качан, кайдан тавам салды?* 2. *чүй, жжол.* шамшыкал туз; *чоң–чоң салдан алып келиптир.*

САЛ III *ал.* салт; *эски салдан әйтәйинби?*

САЛ IV *жерг., пам.* милдет; *сувgу шол жакка буруш салвы?*

САЛ V: бир салар *жерг.* тамдын бир жак кырынан экинчи жак кырына жеткире салынган устун; *бир саларды койуп пүтүп атала сөмөлөккө отуралы*; **алып салар** *жерг., эск.* төлгө таштын баш жагы үчтөн, аяк жагы чогуу түшкөндөгүсү; *алып салары жакшы түшкөн экен* (азыр бул көрүнүш эскирген); **алып сала коймо** *атб.* беш таш ойнундагы жерден алган ташты оң колдон сол колго сала коюп, анан ок ташты тосуп алуу учуру; ("алып салмай" болуп да айтылат).

САЛА I *жерг.* бир нерсенин коюу, калың чыккан жери; *сала кайыңга баравыз.*

САЛА II *чүй.* ок арыктардын арасы; *сууну сала–салага бөлүп живер.*

САЛАА *чүй.* калпактын талаа бөлүгү; *аа, кургур, сөлтөйматтын калпагынын салаасы кандай салынган?*; **беш салаа** *жерг.* чакмак таш ойнунда колдун беш манчасын жерге уч – учунан тийгизип, таштарды ошол аралыктан бир – бирден өткөрүү учуру.

САЛАГАНЧ *алб.* сала берме; *салаганчың бир чәйди келтирээр тавыга.*

САЛАГАТ *ал.* кадыр салып сурануу; *сен салагат кылып көрчү.*

САЛАГАЧ *батк.* бир нерсени кайра – кайра сала берме; *салагачтар чыптасын ала жүгүрдү.*

САЛАК *пам.* 1. тик саланда турган нерсе; *үй көз жамбыны салак кылып бәйләгән экен;* 2. *кочк.* бекерпоз; *бирөөнү караган салак да.*

САЛАКАРДА: салакадар *батк.* оор басырык; *шиундай салакадар адам босо.*

САЛАМ: алеки салам *ыск., чүй.* бир паста, бир заматта; *алеки саламда өз өргөөсун тиге салат.*

САЛАҢ *ыск.* элен – селең; *салаң болуп ойунга алаксыды.*

САЛАҢДОWУР *лейл.* чекеге тагылуучу кооздуктун маңдайдан түшүп турган бөлүгү; *салак кывай салаңдowурду өйдө кыл.*

САЛАСАЛ *түшт.* иретке салып саноо, атоо; *мыкты атангандарды саласал кылып өттү.*

САЛАТ: **ала салат** *тяньш.* алеки саат; *ала салат тынчы кетти.*

САЛБООР *ош.* сабоо; *шилви салбоор менен бостек бетине савайт.*

САЛВАЙ *батк.* килейген, далыйган, дардайган; *салвай адам әкен кәттә.*

САЛВАНЧАК *өзг.* 1. сүйрөлмө узун; *жакшылыкка алса – үт, жамандыкка алса – жут, салванчак токуманы жасап кой;* 2. салпылдак; *салванчак эт төштө болот.*

САЛВАҢ *ноок.* кооздук үчүн тагылган, эки эли келген 30 – 40см. узундуктагы ленталар; *о балыштын боорундагы салваңдары* ("салваны" бар кичине жаздык "салван балыш" деп аталат); **салваң кулак** *пам.* жаак жана кежиге жагы узун тилкеленген тумак.

САЛВАР *пам.* кылыч байлана турган кайыш кур; *байлансаң кылыч салварга качырган жowду тоспойбу.*

САЛВАРЛУУ *түшт.* сөөк – саактуу, бараандуу; *буту–колу салварлуу кара жигит.*

САЛМАЧА *чатк.* курап жасалган туш кийиз; *салмачага турна катар салавы?*

САЛВЕК *өзг.* көмөк, жардам; *илгери ачтыктын уучу–улак, чеңгели–чевич, кошуучу–кой, тавагы–тай кезде салвек сурагандар көп болгон.*

САЛВЫР *жерг.* 1. жерге чачылган жаман – жуман, эски – уску кийим – кечек; *алвайсыңбы манаву салвырыңды;* 2. *терг.* үзүктүн боосу; *эки калвыр, он эки салвыр* (таб. үзүк, үзүктүн боосу)

САЛВЫРАҢКЫ *пам.* жүдөө; *эти бош, салвыраңкы адам.*

САЛВЫРУН *акт.* бошоп, саланда калган; *жазы жаагынын эти салвырун тартты.*

САЛВЫРЧАК *түшт.* төштүн этек жагындагы салпандак эти; *салварчактан тилип алып жөргөмгө кошот.*

САЛВЫРЫНДУУ *кочк.* сөөлөкөттүү; *үй берме болгондон бери деле салвырындуу.*

САЛВЫРЫНДЫ *жерг.* чачылган нерсе; *салвырындыларыңды ал, бовосо өткөн ишке салават.*

САЛГАР *акт.* тоо ичиндеги кең жол; *салгар жолго салган бейм, узап кетип калган бейм.*

САЛГАШ *лейл.* макулдашуу; *ону менен салгашып кой.*

САЛГЫ *пам.* салмоор; *карганы салга менен кармап алдым.*

САЛГЫЧ *жерг.* олпок; *салгычты тигип, бешикке салат.*

САЛГЫЧЫ *пам.* салмоорду жакшы ыргыткан киши; *котос баккан жакшы салгычы болсун.*

САЛДА I *тал.* лөк; өтө күчтүү; *салда дөwдөн тандап берет.*

САЛДА II *жерг.* аңдын боорун тилип, туз сээп, корго көмүү; *тилини салактатып, туздап салдап жатат.*

САЛДАЙ *чүй.* залкаюу, залкыюу; *темир–чойун салдайып оор.*

САЛЕМ: алем–салем *тал.* буйдам; *алем–салемге келбей кийинди.*

САЛЕҢДЕ *жерг.* саландоо; *куйругуга байлап салеңдетип жөнөйт.*

САЛЕҢГИЛЕ *пам.* асынып түшүү; *зowдон салеңгилеп түшүп калдым.*

САЛКАР *кочк.* даңгыр; *салкар жолго чыгып артынан атты койо бериптир.*

САЛКАРДОW *ал.* тартиптүү, ыймандуу; *тәрвийәлүw адам салкардow болот.*

САЛКЫ *түшт.* бош, шалаң; *жип да салкы ийрилген.*

САЛКЫЙТ *кочк.* бир нерсени бош, саландатып коюу; *жамбашына салкыйтып илген бирөө.*

САЛКЫН *жжол.* кара баскандык; *салкынын салып жатпасын?*

САЛМА I *батк.* 1. мейман келгенде мал союп, этин бүт салып жеш жөрөлгөсү; *салма гөш жеп келдик;* 2. камырды майда – майда кесип, майга бышырган тамак; *салманы казандагы майга пышырат.*

САЛМА II *алб.* суу ашып кетпес үчүн байланган кулактын жанынан жаная казылган кичине арык; *биринчи ашыкча суу таштаган жер — салма деп аталат.*

САЛМА III *лейл.* сармерден; *атка салаң минип, салма айтып барататтар.*

САЛМА IV *лейл., эск.* илгери түтүн башына ыйгарылган салыктын бир түрү; *сөрүдө отуруп, сөзсүз салмадан гэп кылдылар.*

САЛМА V *пам.* 1. атты отко коёрдо ээрин алып, анан анын жонуна басмайыл аркылуу тартылып коюлуучу жабуу; *сэргүрдэн кывай салма тарта сал;* 2. **жайа салма** *чүй.* алтыгат, көлдөлөң; *жайа салма, туш туурдук, туш кийиз.*

САЛМАЙЫЛ *лейл.* эни төрт элидей келген сызма басмайыл; *салмайылы бош тартылган экен, токуму менен оwуп түштү.*

САЛМАК *батк.* оор басырыктуу; *жегениң каймак болсун, келиниң салмак болсун.*

САЛМАЧ *түшт.* кыска, кичирээк жумуру устунча; *муногу салмачты тартып ал деп кыйкырат.*

САЛМАЧА *жерг.* аштоого ылайыкталып жасалган жыгач; *сен салмачаңды бере тур.*

САЛМЕРДЕН *тторо.* адамдын ыр түрүндө кайым айтышы; *пикири келишпей салмерден салышкан.*

САЛМОЙУН *тал.* өтө семиз; *көргөнүм ал салмойундай болвос.*

САЛМОWУР *жерг.* 1. кайырмактын коргошуну, ташы; *чомонолорду тервей эле салмоwурду камда;* 2. *өзг.* көкүрөккө, моюнга тагылган кооздук; *салмоwуру сәнгүлдөп сойуштукка барды;* 3. *жжол.* бүркүт, кушту таптаганда кокус колдон чыгып учуп кетпесин деп боонун учуна көзөлүп байланып коюлган таш; *салмоwурду бекем байла, куш колуңан чыгып кетпесин.*

САЛМООР *ыск., тяньш.* 1. күмүштөн жасалган чоң, жалпак сөйкө; *ушул салмоорумду энем чоң устага жасатып берген;* 2. чий чырмаганда жипке байланып ылдый саландатып коюлган таш; *сөөк–саактуу неме салмоорду эми эле тага салат;* 3. жоон оромо чынжыр; *ит чавакка барган жерине салмоорду унутуп койуптур, жакшы чынжыр эле.*

САЛӨҢДӨ *жерг.* саландоо; *ана тамаша салөңдөп келатат.*

САЛП *батк.* муун – жүүн; *салпы бош деп башыны бәйлөw кывасын.*

САЛПАГАР *ал.* алсыз; *ол салпагарың бир кучак малжуwрат тере алавы?*

САЛПАҢ *пам.* салпайган, шалпайган; *салпаң кулак жылкы эде.*

САЛПЕТМЕ *тторо.* бооруна чөнтөкчөлөр салынып жасалган буюм – тайым салгыч, жасалга; *беш эле сомдук бейкасамдан салпетме жасайын.*

САЛПЫ I *батк.* сөздүн жөн – жайы, шааниси, кошундусу; *ә әнди о гәптин бир салпы дә.*

САЛПЫ II *атб.* тоонун үстү түзөңчө келип, бөлүнүп калгансыган тумшугу; *жылкы тээ уштагы салпыда жүрөт.*

САЛПЫ III *батк.* чубурулуу; *ол нерселер салпып көрүнөт.*

САЛПЫК *суз.* жыйылбай, салпандаган нерсе; *этеги салпык, бели бош эгэри бар.*

САЛПЫЛДАК *түнд.* колунан иш келбеген, кийим тиге албаган, бычмачылыкты билбеген; *айылдан бычмачы издесең, салпылдак атанып кетесиң.*

САЛПЫНЧА *чатк.* шырдактын ортосуна муйүз элеси түшүрүлүп үч бурч түрүндө салынган кооздук; *салпынчасын ченеш керек метирлеп.*

САЛПЫНЧАК *суз.* саландап ийилип турган бутак; *салпынчак шакты чап.*

САЛТАҢ: балтаң – салтаң *ыск.* балтаң – балтаң; *эткел денеси чайпалып балтаң – салтаң басат.*

САЛТАШ *жерг.* таштын анча чоң эмес төрт кыр келген түрү; *сымтараштын жаныда салташ жатат.*

САЛТУЗ *жерг.* жер үстүнө уюган табийгый туздун жүз кг. ашык келгендегиси; *Гүлама, Сар – Булак, Кош – Мойнок, Ой – Талда салтуз бар.*

САЛТТУW *түшт.* оозунда салуусу бар; *оозуң салттуw жигит экенсиң.*

САЛЫК I *батк., ал.* салмоор; *салык менен таш ат.*

САЛЫК II *жерг.* 1. жайык, тайтагай; *салык мүйүз кара инек кана?;* 2. *лейл.* майда өрүм чач; *биздин кыздар ак балык, чачтары салык – салык;* **кара салык** *өзг.* майда болуп өскөн, кара түстүү келген, башы ылдый саландаган өсүмдүк; **салык чертмей** *лейл.* чукө ойнунун бир түрү; *салык чертмей беш тапан сымал ойнолот;* **салык май** *базк.* керосин; *ата, сакалы чыга элек баланы да салык майга живереви?;* **салык мүйүс** *атб.* беш жашка ооп калган кулжа; *козугана чоңойсо көкмөк, анан делдек, анан чыгырык мүйүс, кийин салык мүйүс аталат.*

САЛЫКЧЫ I *тал., эск.* жатакчы; *салыкчылардын жайлары кандай дептир?* (бул атоо азыр эскирген).

САЛЫКЧЫ II *жерг., өзг.* илгерки учурда алык – салык жыйнаган адам; *салыкчы келип – кетти дейт* (бул атоо азыр эскирген).

САЛЫМ I *зам.* утук, утуш, байге; *о ананда салым алгандар кетип баратат.*

САЛЫМ II *зам.* башка келген иш; *«кудай» салган салым шо деди.*

САЛЫМ III *чүй.* сала сал кылгандык; *салык күңөйдөгү салымды унута элекмин.*

САЛЫМ IV *түп.* жуук, маал; *жазга салым кар калың жаады.*

САЛЫМДУW *жерг.* көңүл тоёрлук, ыраазы болорлук жардам, көмөк; *колхозго салымдуw кол кавыш кылышты.*

САЛЫМСАК *тал.* сарымсак; *салымсак жеп отуралы.*

САЛЫНЧААК *жерг.* куйругу чоң кой; *кетмен куйрук салынчаак кой.*

САМА *батк., эск.* илгери кээ бир

жерде учураган зикир бийи; *ортодо сәркәр болуп сама тевишкен* (бул көрүнүш азыр эскирген).

САМАЛ *пам.* 1. сулуу, өңдүү; *Алтынай самал экен*; 2. *өтм.* килемдин көчөтүнүн бир түрү; *салытта кыз балдар самал салаттар.*

САМАНДАТ *суз.* алаканды кең, жаюу; *алакандарын самандата жайып, дува кылдылар.*

САМАНТАЙ *алб.* самандын пресстелгени; *алар самантай кылып жүрү.*

САМАРЧЫ *ноок.* самоварчы; *самарчы меккам бекитип алды.*

САМАТКАН: **саматкан бәчә** *түшт., терг.* чычкан; *эки көзү көк, дәкчәмә дәкчә саматкан бәчә* (таб. мышык, чычкан).

САМБАЛ *батк.* катар; *самбал–самбал болуп, кетменди көтөрүп турар эдек*; **самбал тайак** *батк.* ур токмок; *илгери самбал тайак, муш болуп бийлерин уруп койгон болчу.*

САМБИК *кочк.* мылтыктын, затвору; *самбиги тартылып дайар турат.*

САМБЫРАКЧЫ *жерг.* бүркүтчүнү ээрчиген адам; *самбыракчы, айдакчы болуп жөнөп кетишти.*

САМПАЙ *тал.* уй же жылкынын талаада кургап калган шыйбылчаагы; *кечээ ойногон сампайды кайда таштадыңар?* (аны ак чөлмөк ойногондо колдонулат).

САМПАР *тяньш.* лапылдап эрий жааган кар; *сампар кирпигине жабыша түшүп эрип жатты.*

САМСА *өзг.* оюнда эки колду салаалап кайчылаштырып туруп анан жонго оң – солдоп уруп жазалоо; *секиртип семиз минип, самаркан тонун кийип, онон самса кылып жонго урган эде.*

САМТАҢДА *батк.* эптеп – септеп сүйрөлүү; *самтаңдап ойноп жүрөвүз.*

САМУСА *батк.* камырды жука жайып ичине маке ашкабак, же ар кыл желүүчү өсүмдүктөрдөн туурап, кууруп, анан казан, же дандырга манту сыяктуу бышырган тамак; *чөп терип келип самуса пышырдык.*

САМЫКТА *алк.* биринде; *койлор самыктап тууй баштады.*

САМАНТЫКТЫ *батк., эск.* «кан – увазир» аттуу чүкө ойнунда жеңилген кишини аркасына желкесинен ныктап кол салып сүргүлөө жазасы; *беш мәртә самантыкты ал* (бул азыр эскирген).

САМЫНАТ *батк.* өзөгүнүн түбү кызгылт келип, боорлоруна жыш тоголокчо байлап, көгүш боз жалбырак алып, агыш үлпүлдөк чыгарып, тамырын жанчып эзсе, көбүк чыгара турган өсүмдүктүн аты; *бир түндүктөн күн көргөнбүз, самынаатту да билевиз.*

САМЫНКӘСӘЛ *батк.* бирөөнүн өтүнүчүн, ишин чала бүтүргөн; *шул ишти сен самынкәсәл кылдың да.*

САМЫР: самырдай эле какшадым *жумг., тал.* жан – алым калбай аябай какшадым.

САН *жерг.* атылган кайберенден бериле турган олжо (мергенчи бир кийик атса, жандооч бирөө болсо, алты санын берген, жандооч үч же андан көп болсо, мергенчи көөдөнүн гана алган да, калгандарын бүт жандоочторго берген. Шыралга жолдо келе жатканда ким биринчи жолукса, ошол адамга берилген); **алты сан** ууга чыкканда атылган кайберендин карчыга, жамбаш, эки сан, эки колун шыралга берүү жөрөлгөсү (муну бир нече киши болсо берген) ◊ **саны сууга кетти** аргасыз болуп отуруп калуу.

САНА *суз.* чанаа; *сана салып, сүйрөттүп кеттим.*

САНАА *батк.* эскиче жыл эсептөөнүн системасы; *Иса санаасы бойуча 1968–жыл Мухаммед санаасы*

бойуча 1388–жыл болуп, ортосуда 580 жылдык айырма бар (азыр бул атоо эскирген).

САНААТ *жерг.* искусство; *азыр биздин санаат жүдө өстү.*

САНАВАР *жерг.* суучул; *Жусуп санавардын самыныга кир жувба* (эрегишпе).

САНАВАТ *лейл.* байкоосуз, шарт, лып кирип келгендик; *бала санават кирип келди.*

САНАБУ *жерг.* санаа, көңүл; *санавума түшсөңүз, санавай кантип уктайын.*

САНАГДА *лейл.* сырдаш; *санагда болгон эки кыз.*

САНАК *жжол.* жашынмак ойнунда бир жерди белгилеп коюп, тескери карап, белгилүү санга чейин эсеп саноо; *санакка таап алган баланы тургузат.*

САНАЛДАШ *жерг.* санааркап бир ойдо жүргөн адам; *санаймын мында ар увак саналдаш йарым гүл бурак.*

САНАЧ *жерг.* 1. чанач; *саначты пычкагыдан пүйлө*; 2. жел толтурулуп туюк союлган тери; *салдын саначы – зор санач болот* (өгүз, топоздун терси колунан үйлөнүп туюк союлат да, моюн жагынан жел чыкпас үчүн учтуу жыгач өткөрүлүп буулуп, бучкактагы тешиктен жел толтурулуп жасалат*)*; **кол санач** кой – эчкини терисинен жасалган чанач; *кол саначка нан салып ала кет;* **жели чыккан саначтай** жели жок чаначтай; **санач–манач** чанач – чунач; *бу санач–маначты алып тәштә*; **саначтай көwүптүр** чаначтай көөптүр; **карды саначтай** топор, опкок; **санач мурун** чанач мурун; **пышкан санач** ийленген чанач.

САНДАЛ I *түшт.* 1. примитивдүү жасалган жыгач кровать сымал буюм; 2. илгери үйдүн ичинен орто жерге чуңкур казып, ага чок салып анан анын үстүнө бут сунуп отуруу же жатуу үчүн жасалган төрт буттуу жыгач орундук; *сандал бүгүн жок болуп калды.*

САНДАЛ II *чүй.* замбил; *сандал менен бирөөнү живериптир.*

САНДАЛАКТА *зам.* тентирөө; *сандалактап кайда жүрдүң?*

САНДАЛМАТ *түнд.* сандалып жүргөн киши; *ошолорду чакырсаң болвойву сандалматтарды койуп.*

САНДЕЛЕК *жерг.* кичине «сандал»; *Жерге–Талда санделек деген богон* (азыр учурабайт).

САНДИЛИ *жжол.* илгерки бут кийимдин бир түрү; *бутума сандили болсун деп айтыптыр.*

САНДЫ *түшт. эск.* илгери чыгарылган ак жибек кездеменин аты; *ак санды экен топусу* (илгери бул кездемеден топу, селде жасалган, азыр андай материал токулбайт, эскирген).

САНДЫК: **ак сандык–көк сандык** *жерг.* аркаламай ойну; *көмөчтанды койо койуп ак сандык–көк сандык ойногону кетти.*

САНДЫКЧА *батк.* сөйкөнүн, жумуру сүйрү түрү; *сандыкча сырга жасаптыр, жакшыдан зинәт, жәмәндән санат деген шо дә.*

САНЖАПКЫ *батк.* кийимдин этеги менен кымтыланып, буттарын жаап отургандык; *санжапкы болуп отуруп аган экен.*

САННА *батк., эск.* экстаздык абалга келип, оозго келгенин ыр сымалдантып айтуу; *оң жагымда – Батмакан, сол жагымда – Зууракан, алдымда Асан отурат деп саннаган.*

САНОО *суз.* чийне; *он өгүзгө саноо сүйрөтүп келди.*

САНСААТ *кочк.* опсуз көп; *бул жердегиден бетер сансаат иштен колу бошобой жатса керек.*

САНСЫРА *чүй.* 1. делдирөө;

акылдан кетип сансырады; 2. *тал.* тентүү; *санжырга ойум көрүwгө сансыраган.*

САНТАЛАК *жжол.* аа, жүдөгөн какмар!; *атаңдын көрү санталак.*

САНТАЛАТТУW *батк.* сындуу, сапаттуу; *санталаттуw тигилген шым экен.*

САНТАШ I *ыск.* көлдүн түп жагынан башталган шамалдын аты; *санташ сокту эле дейсиң, кайыгып кала жаздадык.*

САНТАШ II *батк.* ташбаран; *көпчүлүгү санташка алды.*

САНЧ *жерг.* чанчкак; *басып келатсам, санч туруп калды.*

САНЧАК *батк.* майда мөндүр; *бир паста булут каптап, санчак жаап кирди.*

САНЧКАК *батк.* жел тургандык; *санчкак туруп такашып атат.*

САНЧОРО *суз., эск.* эң кайраттуу мыкты; *саксакай кетти сай ашып, санчоро калды адашып* (азыр бул сөз эскирген).

САНЧЫ *жерг.* мергенчинин тоого чыккандагы шериги; *санчы аз йәм, көп йәм болот*; **кара санчы** *тторо.* мылтыгы жок эле аң уулагандарды ээрчип барып атылган кийик этинен үлүш алган киши; *кара санчы болуп бара алвайм го.*

САҢ *лейл.* уу – дуу, даңаза; *саң кылвай эле бешикке бөлөдүм.*

САҢА *ал., жерг., пам., батк., лейл., зам., суз., өзг.,* сага, саа; *шыралга дегенде шыйрагы сага, каган гөшү мага; керегем саңа әйтәм, келиним сен ук;* бирди берсең маңа, миңди берем саңа; ◊ **Аманың саңа караваса, сен Аманыга кара** *өзг.* жылкыңа карап ышкыр.

САҢАВЫР *тал.* саңоор; *Таласта саңавыр эле дейвиз.*

САҢАРДОО *ыск.* куш – бүркүттүн чаткаяк жүнү; *чаткайагы саңардоо, тамагы санжыргалуу куш эле.*

САҢГАЛАК *батк.* 1. суу акпай калган сай; *саңгалактан таш алып келевизви?*; 2. таш – корумдуу жер; *кочкор саңгалакта жүрөт*; 3. *зам.* селдин агындысы; *селден каганды саңгалак дейт.*

САҢГЕЛ *атб.* дан сактагыч жай; *саңгелге санжаптап жыйган көрүнөт.*

САҢГИ *атб.* мөңгүлүү тоо; *саңгиден суу гелет, сээриң болсо агызат.*

САҢГОW *жерг., эск.* алтын чайкоо, кум; *сыртта саңгоw иште жүргөн* (азыр бул иш эскирген).

САҢГӨӨК *түшт.* мажүрөө; *жастыгы жок саңгөөгү, санжап кылганды билбейт экен.*

САҢДА *батк.* дал – дал болуп жыртылуу; *сык мала тартып жүрүп саңдаган экен*; **меңдеп – саңда** жүдөп какоо; *оромолуңду оронуп ал мендеп саңдавай.*

САҢЗАР I *зам.* корум; *кең саңзар эгиз ташы дейт.*

САҢЗАР II *зам.* килемдин бетине төрт «үй» катар салынып, тыкыс кооздолгон көчөт; *саңзар салам деп жатып сөлу качты* (кээде "санзар көчөт" деп айтылат).

САҢКАНА *атб.* үйдүн тереңирээк казылган подвалы (анын ичин таш менен тегиздеп, ар түрдүү нерсе сактайт); *саңканага эгин, картөшкө сактаса болот.*

САҢКӨW *жерг.* туюк жара; *жалаң пут жүргөндө саңкөw болот.*

САҢООР *чүй.* алкым менен кулак түптүн орто жери; *кыстын саңоору ак экен.*

САҢСА *чүй.* кызылча отой турган калакча буюм; *саңсаны берип турчу, тавын – тавын болуп ишке киришели.*

СЕЛВИК *жерг.* жаңы үйгө киргенде же көбүнчө улакка түшүү үчүн ат сатып алганда кандайдыр бир буйумду белек кылып берүү; *камчы болову, ээр болову–селвик берет.*

СЕЛВИР: делвир–селвир *ыск.* этек – жеңдин делбиреши; *этек–жеңдин делвир–селвиринен жалтана түштү.*

СЕЛДЕ *атб.* тууралган эттин үстүнө кесилип коюлган чүчүк; *жылкынын чучугунан бир селде жасайлычы* ("ак селде" деп да айтылат).

СЕЛДИ *чүй, сейр.* кат – кат кылып, чоң тегерек жасалып, майга бышырылган нан; *селди нанды ороп жасайт.*

СЕЛЕВЕ I *лейл.* чоң сел; *бир селеве кан кетти.*

СЕЛЕВЕ II *батк.* өтө курч, өткүр; *селеве кылыч богон дейт.*

СЕЛЕВЕЛЕ *лейл.* селдей атып агуу; *кылыч тийген жеринен селевелеп кан кетти.*

СЕЛЕВИЧ *батк.* боз үйдүн түндүк жабдуусун көтөрүү үчүн жасалган беш метрдей келген, баш жагындагы ачасы ылдый карап, бир жагы түндүккө илинип, аркы учу жабууну көтөрүп коюучу жыгач; *түндүккө селевичти тиреп кой.*

СЕЛЕЙ *батк.* сүлкүлдөө; *селейет тә селейет, көрктөнөт тә көрктөнөт.*

СЕЛЕЙМЕ *батк.* селейген; *әә, узун селейме, катык сексенип калыпсың гочу?*

СЕЛЕР *батк., жерг., лейл.* силер; *селер ону билген жок белеңер?*

СЕЛКАНА *алб., батк.* сел көп жүргөн жер, жүрө турган жылга, сай... *селканага уй салвайт.*

СЕЛКИ *атб.* 1. эрке; жалакай; *баласы селки өсүп калыптыр;* 2. *пам.* жеңил, шайыр; *сувук селки мәзлим экен.*

СЕЛМЕК *батк.* ак чөлмөк; *селмек деген ойунду билевисиз?* ("ак селмек" деп да аталат).

СЕЛӨW *батк.* боз үйдүн түндүгүн тирөөчү бакан; *селөw буйеттерде жок.*

СЕЛПИ *жерг.* серпүү; *селпип бир алсам кандайсың?*

СЕЛПИЛДЕК *чүй.* араң жан, мажүрөө; *узун этек, куу өтүк селпилдек эми жок.*

СЕЛПИНЧЕК *тал.* элечекке кооздук үчүн тагылган шуру – мончок; *селпинчеки артында шалдырайт.*

СЕЛТ *алб.* серт; *өңү селт экен, белестин бер жагындагы селканадан көрдүм.*

СЕЛТЕЙ *батк.* селдейүү; *сен кечкече селтейип тура берве.*

СЕЛТЕҢДЭЭК *жерг.* селт – селт этме адаты бар жандык; *селтеңдээк эчки көрүнөт, эки жагыны көп карайт.*

СЕМЕ *батк.* санаа, убайым, кайгы; *жаш бала жолдо кыйналдывы деп семе басып отурат.*

СЕМЕЛЕК *чүй.* секелек; *сегиз семелек, төрт мардек.*

СЕМЕРСИ *зам.* теңселүү; *семерсип секин басат, үзүлчүдөй болот.*

СЕМИЗГЕРЧИЛИК *батк.* семизчилик; *семизгерчилик вакта бизге улак сойуп берер?*

СЕМИЗОТ *суз.* көбүнчө эгиндин, пахтанын арасына жер бойлоп өскөн, сабактары семиз, сыйдаң келип, жалбыректары майда, калың чыккан отоо өсүмдүгүнүн аты; *илгери семизотту жулуп, ич owруга дары кыган* (азыр мындай көрүнүш жок).

СЕМӨW *жерг.* эчтекени капарына албай, өз билгенин иштеген; *белсенип барып көрвөгөн семөw экен.*

СЕМӨWCҮ *батк.* сөздү угар – укмаксан болуп делдейимиш болуп туруу; *семөwсүп эле тура берет.*

СЕМСЕЛЕ *батк.* саландоо; *семселеп турат, сыдырып алат.*

СЕНДЕЙ: **сендей–теңдей** *тал.* алынча, өтө мыкты эмес; *сендей–теңдей ырчы да.*

СЕНДЕЛЕКТЕ *тал., өзг.* сендиректөө; *сенделектеп жолуна түштү.*

СЕНДЕЛМӘТ *пам.* сенделип кыймылдаган адам; *тезирәәк бүтүр сенделвей, сенделмәт.*

СЕНЕКИ *жерг.* сен гана; *сенеки шондой десең, ол не дейт.*

СЕНЕН *жерг.* сенден; *сенен салам, менен әлик жөн–жөнүнө жараша.*

СЕНЕП *батк.* жок; *эки жылдан бери сенеп болуп калды.*

СЕНЕС *ал.* одоно; *сен–мән деген сенес сөз, сиз–биз деген сыныk сөз.*

СЕНСИРЕ *жерг.* одонолук кылуу; *бойго жеткен кызды сенсиревейт.*

СЕҢИР I *лейл.* олчойгон эң күчтүү чоң нерсе, жан; *жегени көмүр, ичкени суw, жүргөн жолу темир, чарчаваган сеңир (таб. паровоз).*

СЕҢИР II *лейл.* арбайып – тарбайып өскөн өсүмдүктүн аты; *төw сеңир менен жантакты төw жейт.*

СЕҢСЕЛ *тал.* 1. сапсаң көрпө; *ичиктин ичи сеңселден болот*; 2. *өтм.* олжолуу, жолдуу адам; *ал эмне кыларын билбей сенейбейт, жолу сеңсел;* **канжыгалуу кара сеңсел** *ыск.* бүркүттүн бир түрү; *кыраандардын дагы бир канжыгалуу кара сеңсел деп аталат.*

СЕҢСЕҢ *тал.* салпаңдап ийилип, барбайып көрүнгөн нерсе; *кар сеңсең төгүлүп турат.*

СЕҢСОWСУ *жерг.* жоошсуу, момурагансуу; *секин басып сеңсоwсуйт.*

СЕП *лейл.* алманын бир түрү; *әә, отура бер, септи өзү апкелет.*

СЕПАЙА *батк.* үч буттуу суу тоскуч жыгач; *сепайа, чарпайа бар.*

СЕПЕЛЕК *ал.* абдан жеңил, арык, катиңки; *алтыкы турган немең сепелек турвайвы!*

СЕПЕҢДЕ *батк.* 1. селпеңдөө; *көп сепеңдевей тынч отур*; 2. ары – бери секирип өтө берүү; *маңа калакат кыла берве сепеңдеп.*

СЕПСЕЙ *жерг.* саксаюу, үксөйүү; *допу кийсе сепсейип, пилиги чыгат.*

СЕПТЕ *түшт.* 1. сеп камдоо; *тейи, атлас септеген;* 2. жасалгалоо тогуз торсун үйлөрдү септеп турган; 3. *ыск.* үрөө; *мен болойун отунчуң жалыныңды септеген.*

СЕР I *жерг.* бел омуртка; *жүгүрүк ат эде, сери жыгачка тийди.*

СЕР II *тал.* көңүл буруп карагандык; *кеветесине сер салып карачы.*

СЕР III *атб.* дем; *аттанып чыкса сери бар.*

СЕРАКЫЛ *түшт.* акылдуу, акылы көп; *серакыл адам, атты түлөткөндө чөптү тазза кырып берет.*

СЕРАЧУW *зам.* ачуулуу; *агаң серачуw болсо, кайаша әйтпә.*

СЕРАШАМ *зам.* кооз; *үйдү жүдә серашам кылып саган экен.*

СЕРӘП *жерг., лейл., зам.* мол, көп; **сеп жейди** (келин келгенде анын төркүндөрүнөн ала келгендерин элге көрсөтүү үчүн жайып койгондук. Азыр бул көрүнүш эскирген); *мурда серәп болор эде.*

СЕРӘПСИН *жерг.* көпсүнүү; *чөwбөрүдөй үйүлбөй, серәпсинбей тым тургула.*

СЕРӘПТӘ *жерг.* көптөө; *чөw басса дә серәптәп кой.*

СЕРӘПТӘТ *жерг.* көптөтүү; *кой шувакты серәптетип жулдуруп жүтөрчү.*

СЕРӘПТИК *жерг.* көптүк; *чойун кашыгың серәптик кыса, маңа бирини бер.*

СЕРӘПЧИЛ *жерг.* көпчүл; *айдыңым атам серәпчил эде, жок болду.*

СЕРӘСИЛ *батк.* түшүмдүү; *хореки серәсил экен.*

СЕРБАА *зам.* баалуу; кымбат; *сербаа тондор тозгондо, ойпаң секи отурганда.*

СЕРВЕР *батк.* эндүү, кеңири; *жүдә сервер бакмал экен.*

СЕРГАЙРАТ *ар.* кайраттуу; *сергайрат атты коркпой чават.*

СЕРГӘП *жерг.* бабыр, сүйлөөк; *бир сергәптән, бир кәмгәптән корк.*

СЕРГЕ *түшт.* сак; *кырсыкка серге бол.*

СЕРГЕКГЕРЧИЛИК *батк.* сергектик; *сергекгерчилик менен карап тураттар.*

СЕРГИЛДЕН *тал.* сергилең тартуу; *кайрадан жайкы салкын түндөгү асмандай сергилденди.*

СЕРГӨШ *ар. батк.* эттүү; *сергөш немени тынчыта койвойт, жетелейт, бастырат.*

СЕРДАРАК *жерг.* даректуу; *хә, сердарак жер экен.*

СЕРДЫККАТ *лейл.* өтө көңүл коюуну талап кылгандык; *сердыккат бовосоң, окуй авайсың.*

СЕРДЫМАК *батк.* дымактуу; *арка чәчиң бир тутам көйкөлөсүн сердымак.*

СЕРЖАКА *өзг.* жазы, чоң жака; *эй сержака, Семетейдей бовой бас.*

СЕРЖАМГЫР *түшт.* жаандуу, жамгырдуу; *күн сержамгыр болуп туруп алды.*

СЕРЖАҢЖАЛ *жерг.* чырдуу; *сержаңжал үйдө бәрәкәт жок, серуйку адамда әрәкәт жок.*

СЕРЕ I *тяньш.* 1. текче; *середе отуруп секелет жөнүндө кеп кылышкан;* 2. дөбөчө; *атты середе байлап, эки маал жем берет, суу берет.*

СЕРЕ II *батк.* кең; *тамагы сере болду.*

СЕРЕ III *батк.* тоотуу, кенөө; *ол серевейт, середеп басып кетет.*

СЕРЕК I *батк.* 1. кулагы далдагай; *о серектин әйткәнини караң, көсөw кәлтә болсо–кол күйөт дейт;* 2. чунак; *серек эчкини кармап кел;* 3. тик кулак; *ол аттын кулагы серек, бат эле сейрейт.*

СЕРЕК II *батк.* тыңшагыч; *жеткен серек адам окшойт.*

СЕРЕК III *ноок.* 1. сергек; *уйкуга серек экен;* 2. *өтм.* эселек; *серегим, кызым, келе кой!*

СЕРЕК IV: ак серек–көк серек *жжол.* ак терек – көк терек ойну; *ак серек–көк серекте көп бала ойнойт.*

СЕРЕКТЕ *алб.* опурап топуроо; *әвли кенен, шо йакка серектеп ойношот.*

СЕРЕКТИК *ноок.* сергектик; *нары серектиги бар.*

СЕРИ I *түшт.* 1. узуну 3м туурасы 2м келген төрт буттуу, 50 – 60см бийиктеги чабакталып жасалган жөлөнгүчү бар орундук (муну кээде "чарпайа, кәләвәт, үстөл" деп да коюшат. Буга отуруп эс алышат, тамак ичишет, жайдын күнү түнкүсүн укташат. Түндүк райондордо сере жасалбайт); 2. беседка; *сәриге чыгып отургула, тазаласын, палас салсын.*

СЕРИ II *лейл.* курут жайып кургатуу үчүн устун орнотулуп, када коюлуп, жасалган орун, жай; *сериге секин байлап кой.*

СЕРИН *пам.* бекер, бош, кур; *серинсиз жүрө бересиңерби?*

СЕРКАЙМАК *батк.* каймактуу; жону калың, бардар; *серкаймак адам, бир берсе төрт беш жүз пәйсәдән чачат эде.*

СЕРКАТТОW *алб.* үстөккө – босток көп каттагандык; *серкаттоw кылып келип–кетип турат.*

СЕРКЕ *жерг.* эркечти колго үйрөтүп, төбөсү жалпак казык кагып, ошонун үстүнө чыгарып, алдыңкы колун бийлетип ойногон оюн; *серке ойун да богон.*

СЕРКЕВАЙ *батк.* сөлкөбай; *серкевайыңды нары кылып, тамакты бет-бетиден куй* (үстүнөн куй).

СЕРКЕЧЕК *пам.* жаш серке; *быш, көчөм бир ай, чек, серкечек.*

СЕРКУМ *жерг.* кумдуу; *серкум кылып шыва, бовосо санавай сегиз дегизем.*

СЕРМЕЛ *жерг.* илкүү; *сермелип туруп, секин басып келатам.*

СЕРНӘМ *батк.* нымдуу, нымы көп; *сернәмдән чыгып келе бердик.*

СЕРНЫМЫК *жерг.* шор, ачуу, туздуу; *овкатың жүдә сернымык бовосун.*

СЕРПАТ *өзг.* суу буруу үчүн жасалган жыгач тосмо; *арыкка суу жиберип, серпат менен тосуп койдук* ("сэрпийэ" болуп да айтылат).

СЕРПАХТА *жерг.* пахталуу; *кебези көп; серпахта тон берди.*

СЕРПИЙӘЗ *ар.* пияздуу; *серпийәз тамарка экен.*

СЕРПИКИР *батк.* ойчул, санаачыл; *баласызмын деп серпикир боло бербең.*

СЕРПИРӘЖӘ *батк.* баш – аягы, чеги, максаты жок иштелген жумуш; *кылган ишиңдин серпирәжәси болсун.*

СЕРПМЕ *түнд.* капкандын жаа түрүндөгү кош тетиги; *серпме чавылып кеткенде аң чыга алвай калат.*

СЕРПӨӨЧ *түнд.* 1. серпөөр; *капкандын серпөөчү катуу экен*; 2. *өзг.* бүркүттүн бутундагы арткы иймекей тырмакчасы; *сәрдәл болсоң, бүркүттүн серпөөчүн кармап көрчү.*

СЕРСА *батк.* кооздоп жасалган баштык; *серсанын ичидеги кәлтәкти ал.*

СЕРСАКАЛ *жерг., зам.* сакалы бакжагай, чоң сакал, сакалдуу; *серсакал адам экен, сәржиндәп өлчөдү.*

СЕРСАМАН *жерг., батк., ар.* самандуу; *серсаман талаада пада откоруп жүрөт.*

СЕРСӨВЛӨТ *түшт.* куу чирен, жел көйрөң; *жамандын баары серсөвлөт деп урушту.*

СЕРСУW *жерг.* суулуу, суусу көп, суусу арбын; *кырк-эллик күндө суw келет, серсуw болот.*

СЕРСУРНАЙ *ал.* шерст жоолук; *ортосудан шамал өтпөйт (жүрвөйт) шон үчүн серсурнайын дә суравады.*

СЕРТ: серт эт *жжол.* былк этүү, селт этүү; *серт эте алвай отурду.*

СЕРТӘК *жерг.* «иттаман» кооздугунун төмөн жагында бөлөк саландап жүрүүчү бөлүгү; *ону өзүчө сертәк дейт.*

СЕРТЕЙ *жерг.* сетирейүү; *сертейип жалгыз арча турар эде.*

СЕРТЕҢДЕ *жерг.* селтеңдөө; *буwун-буwун буwунчак, буwун ала түйүнчек, сегиз кыздын энеси сертеңдеген келинчек, тогуз кыздын энеси тоңкоңдогон келинчек* (таб. кекилик).

СЕРТҮЙМӨЧ *өзг.* этти көп туурап, кесме аралаштырып жасаган тамак; *күч күйөwдүн жаткан-турганы милдет, тур, сертүймөч же.*

СЕРХАВА *батк.* абасы таза, бийик жер; *серхава жерге чыгып отуралы, жүрүң.*

СЕРХӘВӘС *лейл.* куштар, ынтызар; *жаңы модага жүдә серхәвәс.*

СЕРШАМАЛ *жерг.* шамалдуу; *күн хә сершамал болду.*

СЕРШИР *жерг.* сүттүү; зор сыйыр жүдә сершир эде.

СЕСЕРИ: сесери буwдай *тал.* тогуз пуд буудай; *базардан сесери буwдай сатып алышыптыр.*

СЕТӘРӘ *жерг.* чоң – чоң кызыл мончоктон төрт бурч – төрт бурч кылып, ачыгын туурасынан келтирип, кийимдин өңүр жагына тамактан тизеге чейин келгидей болуп жасалган, аягына чачык чыгарылган кооздук; *сетәрә узун тағылат.*

СЕТӘРМӘТ *жерг.* оорукчал, жүдөө; *шо кыз сетәрмәт эде, айығып оңолду.*

СЕТЕЙ *батк.* салпаюу; *сетейип барам – келем, кәлләмди көтөрүп жүрөм.*

СЕТЕР I *жерг.* үч кылдуу, пардалуу музыкалык инструмент (буга ичке зым тагылат); *сетерди жакшы чертет, сершамал жерде отуруп ойной верет.*

СЕТЕР II *атб.* 1. жүнү жок кызыл эт туулган козу; *короого сетерди киргизип кой* ("сетер улак" деп да айтылат); 2. *ал.* арык, алсыз; *сетер торпокту апкел, багам деди.*

СЕЧКЕ *суз.* тең жарылып бөлүнгөн буудай; *бүгдайдын жарымы сечке – сечке болуптур.*

СЭЭР: сээри калың *батк.* семиз; *сээри калың алыптыр.*

СИЖИҢ *лейл.* жижиң; *о сижиң мал, сәрәсәп савай ле кой.*

СИЗЕКИ *жерг.* сиз гана; *сизеки ону зоройттуңуз.*

СИЗИЛИК *жерг.* чикит ойнунда экинчи тарапка берилүүчү жол, кезек, ирет; *сизиликте наркылары чават.*

СИЗИҢ: сизиң – бизиң *түшт.* сиз – биз; *бир заматта сизиң – бизиң.*

СИЗИҢЧЕ *анж.* силерче, сизче; *сизиңче тәлвиз дегени неси?*

СИЙӘЛӘ *жерг.* сыя сымал; *сыйанын ичи сийәлә, каламдын учу карала.*

СИЙГЕК *пам.* оттук катары колдонулчу саргыч ак түстөгү таш; *төгөн сәңги молодон да сийгекти көп тавам.*

СИЙГЕКТЕ *пам.* катыра тилдөө; урушуу; *катты берүwчү болсо, ого сийгекте.*

СИЙГЕЛЕК *ыск.* сийгек; *от жанында дөңгөлөк, ково калып сийгелек* (таб. кумган).

СИЙДӘ *жерг.* сыйда; *акылы кәлтә пәнт жейт, акылы сыйда кант жейт.*

СИЙЕТ *батк.* окшош, сыяктуу; *арча сийетиде болот, сәрәсимә бовогула, онон көрөсүңөр.*

СИЙИК *пам.* оттук кылууга жарачу таштын бир түрү; *сийикти сәрбәндәккә ороп койуптур.*

СИЙНИ *ал.* карындаш; *жалайырдын үйүдө бир сийниси Гүлсәнә деген бар.*

СИЛ *зам.* дарт; *санатың мени сил кылды.*

СИЛӘӘТ *өзг., эск.* төңкөрүш; *шол жылдары жер силәәти болду* (азыр бул атоо эскирген).

СИЛДИРЕ: силдире силкмек *пам.* оюндун аты; *силдире силкмек ойнойбуз.*

СИЛКЕЙТ *атб.* золкойтуу; *калдайтып найды силкейтип, көч баштасын дептир.*

СИЛКЭЭК *батк.* силккичил; *силкээк киши силкип, өрүктү жакшы кагат.*

СИЛКМЕ *тяньш.* эжигейдин арасына салып бышырылган эт; *силкмеге тойуп алып, сасытманы сүйрөтүп жөнө.*

СИЛСИЛӘ *жерг.* кыз – келиндер мойнуна тага турган, жалбырак формасында катар тизилген жалтырактары бар кооздук; *мәгәзингә силсилә келиптир, алып бервейвисиң?*

СИМИЛӘ *жерг.* темир топчу, мончок; *симиләни кыздар, келиндер чачтарыга тағышат.*

СИНӘ *жерг.* көкүрөк; *голек менен тартып ки урсам, синәсигә тийиптир.*

СИНӘМОЛ *жерг.* айдөш; *жолду синәмол кыгыла, сара-сара иш кыгыла.*

СИНСӘНӘ *жерг.* ичке чынжырга үч бурч кылып тизилген мончок; *бойнун нары-бери кыймылдатса синсәнәдән үч чыгат.*

СИНСӘП *батк.* нысап; *деги адамга синсәп керек го.*

СИҢЕРТЕЛҮҮ *батк.* сиңимталдуу; *чоң энем сиңертелдүү дейт, ал тамакты сиңдикеси.*

СИҢЕТЕЛДҮW *батк.* сиңимдүү; *сиңетелдүw болот ол, ону билип ал, сараң.*

СИҢИМЧИЛ *ыск.* сиңимдүү; *эти-майы сиңимчил, саруулавасын, ичкени аш болсун.*

СИҢИШТҮҮ *түнд.* ынтымакчыл; *сиңиштүү эл болсо, бат эле батып кетесиң.*

СИРӘ I *лейл., зам.* 1. түк, эч качан; *зowдон-таштан тайваган, балталаса өлбөгөн, өзүмдөн сирә калваган* (таб. көлөкө): 2. аябай; *бәрөwжү болуп өсүптүр, сирә койа кал.*

СИРӘ II *зам.* маңыз; *гәптин сирәсини әйт.*

СИРӘСИН *зам.* ошондой; *сирәсин айтып койдум, кетменди ондо деп.*

СИРКЕ I *өзг.* 1. сөйкө, сырга ж.б. коюлуучу кооз перламутр (тоголок – тоголок, майда кооздук); *тал-талдап чачым өрөйүн, тазза эле сирке койойун;* 2. *батк.* сайманын бир түрү; *ону сиркеси дейвиз*; **сиркеси сыртка чыкпаган** *жерг.* амалкөй, митаам.

СИРКЕ II *лейл.* уксус; *сирке сатып ал, эй кызым, онон сирени йәм.*

СИРКЕ III *ыск.* майда курт – кумурска жандыктардын личинкасы, уругу; *март айында аары сирке салат.*

СИРКЕНЕК *батк., ноок.* исиркек; *жара сиркенек болуп калыптыр.*

СИРКЕНЕКТЕ *батк., ноок.* исиркенектөө; *бәдәни сиркенектеп кетиптир.*

СИРКЕТ *тторо.* түрдүү нерселерди даярдап коюучулук; *сиркеттен бери алдыңызга келсем дедим.*

СИТӘРӘ *жерг.* жылдыз; *асмандан бир ситәрә учту.*

СИХЕК *жерг.* 1. байпак, мээлей сого турган шиш темир; *төрт молдо жылаңач иштейт жолдо* (таб. сихек); 2. тузак жаюу үчүн колдончу шиш; *желе жайганда сихик кагавыз.*

COW *ал., жерг.* чыйрак, мыкты, күлүк; *тойдо cow аттар чавылат*; **кара-кара, cow-cow** *ноок.* катар – катар тизилип ойной турган оюндун аты; *кол кармашып ойночу кара-кара cow-cow деген ойун бар* (Замин тарапта "кара cow" деп аталат).

COWГАТ I *зам.* сабат; *миймәнгә сәрпәй кийгизиш керек эде, ону билведи, cowгаты жок шекилди.*

COWГАТ II *батк.* белек – бечкек; *достон бир алма cowгат.*

COWДА *түшт.* кумар; *өтө кыйын иш экен ашыктыктын cowдасы.*

COWДАЙ *зам.* алжыма; *өзү йәм cowдай адам эде дә.*

COWДУ *лейл.* музоосуз эле саадыра бере турган уй; *cowдуларды баштап саа.*

COWЛА *батк.* жанын аёо, жанын сактоо; *ол жаныны ич cowлаваган, эл башыны тааныган* (көптү көргөн, көптү билген).

COWЛУ I *жерг., пам., эск.* кыйноо мезгилинде моюнга салынган темир же жыгач; *темирден мойунга cowлу салган* (азыр бул көрүнүш жоюлган).

COWЛУ II *батк.* соолуктоо; *cowлуп ыйлап басылбады.*

COWЛУК *зам.* жылкынын ичи солкулдап ооруй турган оору; *жылкы cowлук богондо ичини уруп өлүп калат.*

СОЖМУШ *батк.* сооп имиш; *жетекен жети жылдыз, жети әйтип жети койсо, жети атага сожмуш* (адам жетигенди карап туруп же жөн эле отуруп бир дем менен жогорку формула сөздү жети жолу кайталап айтса, жети атага сооп болот имиш деген сөз. Азыр бул көрүнүш жоюлган).

СОЖОГОЙ *жерг.* башчы, жетекчи; *сожогой кишилер богон, олорду сарпайлашкан.*

СОЖРУН *пам.* жыйын; *сожрун көргөн кишиче болгула.*

СОЖСОЖ *карс.* эл чабар ойну; *бала чакта сожсож ойнойт.*

СОЖУР I *жерг.* 1. көк чыккан кезде күндүн күркүрөгөнү; *сожур тужса сар улак болуп кетейинби?;* 2. *зам.* ушул маалда чыгуучу өсүмдүктүн бир аты; *сожур өтөк чыкканбы, чыкпаганбы, ишиң сире бовосун.*

СОЖУР II *жжол.* өзгөчө бал аарыга өч келе турган келгин канаттуунун бир түрү; *сожур келсе, әсәл әйрини кырып койвос бекен?* ("соор" болуп да айтылат).

СОЖУР III *жерг., пам.* улак тартышта берилген аз көлөмдөгү сый, белек, мөөрөй акы; *сожруңан кара тер агызбай сожурду ал.*

СОЖУР IV *батк.* арчанын өзөгү кызыл, жалбырагы менен даны майда, жыттуу, өнү ак чаңгыл келип, тике, жоон болуп бийик өскөн түрү; *сожур – арчалардын мырзасы, ыстуж болот.*

СОЖУРЛА *жерг.* күн күрөп чыгуу; *күн сожурлаганда гез кайткан сожлук алып келаткан эде.*

СОЖУРСУН *жерг.* пияздын түбүндөй түп алып, аны отко көөмп бышырып жешке жарай турган, өзү бийик тоолуу жерлерге чыга турган өсүмдүктүн аты; *сожурсун казып келсем, тәги кәттә экен.*

СОЖУТ *зам., эск.* соот; *сожуту бар баатырсың сожутуң жок болсо, маңа окшоп үйдө жатырсың* (азыр бул атоо эскирген).

СОВГА *жерг.* белек; *совга кызыл гүлүм бар, тапшырыш үчүн болдум зар.*

СОВОЙ *атб.* жабайы; *совой уулу сол жалгыз.*

СОВУЛА *кочк.* аёо; *шаарга көнгөн немени совулайлы.*

СОГӘНӘ *өзг.* талаа пияз (өсүмдүктүн аты); *ондо согәнәни көрсөтөм*

СОГМЕНТ *батк.* окуя; *согуш кезиндеги согментти айтып берди.*

СОГОГОНЧ *алб.* согоонок; *ол шуңшугуй неме кийген киши согогонч белем.*

СОГОЛОР *пам., терг.* ооз; *соголор соргок, сок жаңгыз* (таб. төөнүн оозу, куйругу).

СОГОН *батк.* адамдын бети – башына, буту – колуна көгөрүп түйүлүп чыккан оорунун аты; *согон кызарып чыгат да, сожлуп карарып айыгат.*

СОГОНЧОК *пам.* чикит ойнунда «балдекти» согончок менен бийиктикте тебе берип чабуу; *сен бир серп ирәжәң болсо, согончоктон өтчү.*

СОГОНЧОКТОЖ *жжол.* «жөөк» тартканда алдыга кашаң иштеген адамды коюп, андан кийинкилери аны шаштырып, тездетип иштөө; *согончоктож деген болот, алдына кашаңын салат.*

СОГОР: жер согор *кочк.* туяктын жерге тийип туруучу учу; *таштак как жолду жер согор менен тарсылдатып уруп олтурду.*

СОГОРМОН *тторо.* өрмөктү жакшы соккон аял; *согормон болсо уч кулач согот.*

СОГОТО I *чүй.* басырылып ныкталып калган чөмөлө; *соготону Ишентай сайып берип жүрөт.*

СОГОТО II *батк., жжол.* жыгачтын өзөгү; *соготосуну ойуп жасайт, ого серпилвей отура бериң.*

СОГОТО III *алб.* түп – түп, топ – топ; *согото – согото болуп түштү.*

СОГУМ I *батк.* көкбөрү үчүн ич эти алынып салынып тартылган торпок; *согум экен, көтөрө әвәй койдум.*

СОГУМ II *батк.* олжо; *үйгә чыккан Калганбек согум ап кептир.*

СОГУМДАЙ *лейл. өтм.* эң оор, абдан салмактуу; *жүгүң согумдай кантип көтөрөм?*

СОГУМСАК *жерг.* согууга ниеттенгендик; *таар согумсак болуптурлар деди.*

СОГУР *пам.* суур; *согур атып пешенемен көрөйүн.*

СОДУ *чүй., сейр.* курч; *казактын соду балтасы.*

СОЗ I *батк.* момун, жоош; *сен көп эле сөз бовосоң.*

СОЗ II *пам.* чоюу; *туш тарапка созуп кетет.*

СОЗДУК *батк.* кубара түшүү; *ачпа койнуң жел согот, өппө бети создугат, кармаш колу кайрылат, тартпа жүйүркан айрылат.*

СОЗМО I *батк.* май токоч; *созмону майга пышырат.*

СОЗМО II *өзг., лейл.* рогатка; *созмого тас салып ат;* **созмо кийиз** *жерг.* чекесине түр салынып кооздолуп жасалган жука кийиз; *созмо кийизди маңа көтөрүп кел.*

СОЗОГОНЧ *алб.* созоонок; *өз ара шылдың – шөкөт айтышпай эле созогончко жол бергиле.*

СОЗОК I *тал.* 1. эки жагы тоо болуп, орто жери мейкин келген талаа түз жер; *биз бир созок жердевиз;* 2. чоң, кең арык; *будай созок арыкты көргөн эмесмин.*

СОЗОК II *батк.* сүйрү, узун сымал; *чанагы созок болот.*

СОЗОН *батк.* бут кийим жамоочу шибеге – ийне сымал буюмдун аты; *созонду алып бере койчу.*

СОЗОНДО I *жерг.* куруп жасоочу; *мунун созондосу сенсиңби?*

СОЗОНДО II *зам.* шибегелөө; *созондоп тикпей, мыктап тигет.*

СОЗОНЕК *суз.* ийнелик; *созенек эле дыңылдайт, о серпийәнин путуда.*

СОЗУК *суз.* тилке; *о сәтәң неме бу ооздукту чапып бүтө веке?*

СОЙГОК I *атб.* аңчылар алып жүрө турган узундугу бир метрче келип, учуна миздүү темир бекитилген таяк; *суурду сойгок менен эле өлтүрөт;* 2. *өзг.* кандайдыр бир тар, кысык, чуңкур жер казууга пайдаланылчу чолок саптуу күрөкчө сымал куралдын аты; *кагылайын а, согулайын а, бере койчу алдыгы сойгокту, каза салсын;* 3. *эск.* буурсундун сүйрөткүсү; *созулчаак бовой амачтын сойгогуну тарт деген* (азыр бул атоо жоюлган). 4. *тыньш.* чөп саман тартууда колдонулчу узун ичке шыргый; *сары чычкак болсо, согото көтөрүп, чөп сузушка жаравас.*

СОЙЖЫЛАН *пам., жерг.* сөөлжан; *сойжылан жаан жааганда чөпхәнәдән чыгат.*

СОЙКУ *батк.* бир жерге турбаган, эгинге улам – улам кирген мал; *онун сыйыры – сойку мал.*

СОЙЛО *чүй.* башка тараптан кошулган; *булардын ичинде сойлодон жети түтүн бар.*

СОЙЛОК I *чүй.* сулу; *сойлок көп өсөт экен да;* **ак сойлок** жем үчүн айдалган ак сулу; **кара сойлок** өз алдынча чыккан кара сулу.

СОЙЛОК II *ал.* бүр, дан; *быйыл чөптүн сойлогу көп болду, малга жакшы болот.*

СОЙЛОК III *ыск., чүй.* 1. жалпы эле жерге же башка бир нерсеге

жабыша сойлоп өскөн өсүмдүк же сойлоп жашаган жандык; *таштын бетиндеги сойлокту карачы;* 2. капкан салганда анын жерге сойлото көмүлүп коюлуучу бөлүгүнүн аты; *капкандын сойлогу жерге көмүлөт.*

СОЙЛОО *тторо.* мергенчиликте аңга сойлоп барууга ылайыктуу келген өңүт; *жылып, сойлоо менен барууга болот.*

СОЙЛООК *атб.* ичке шыргый; *сойлоок сүйрөтпөсө, таманга бордоп ушалап бербе.*

СОЙЛОТМО *өзг.* талаадан чөп сүйрөп ташый турган бутак – сутактуу жыгач, *Көнө–Коргондон бери сойлотмо менен келди.*

СОЙО I: сойо ноwда *батк.* 1. тыттын кырка турган жери жок, кыска, коюу жалбыракту чыбыгы; *сойо экен деп көк кәптәрди учурвайвысың?* (жалган айтпайсыңбы?); 2. жалбыраксыз өзөк, тал, чыбык; *сойолорду бир бөлөк жый.*

СОЙО II: ак сойо *жжол.* ак өзөк алып чыга турган өсүмдүктүн аты; *ар кай жерге ак сойо чыгыптыр.*

СОЙО III: **көк сойо** *ыск.* мойну башы мала көк, куйругу жана боору күрөң, канаты кара канаттуунун аты; *бир сапалак менен көк сойо кууп кеттиви?*

СОЙО IV *ыск.* сойку; *гүлү үзүлгөн сойого кол созбочу.*

СОЙРОН *алб.* сооронуу; *ыйлап, эч сойронбой жатыры.*

СОЙТОЛДОЙ *тал.* ортон колдой; *сойтолдой жигиттер эле сойротуп жүрүп сыстады окшойт.*

СОЙУК *батк.* союлуп мууздалган; *томукту сойук бойдон көтөрүп келдиңби?*

СОЙУЛ I *ал.* таң агаруу, жарык кирүү; *жер сойулду, энди сапал пийәлә жасашка киришевиз.*

СОЙУЛ II *жерг.* даярдалуу; *мурунку күнү той сойулду.*

СОЙУЛ III *тторо.* солкулдоо; *келаткандардын көптүгүнөн жөн эле жер сойулат.*

СОЙУМДУК *пам.* согум; *согумдук согумга сойулат.*

СОЙУМСАК *жерг.* союуга ниеттенгендик; *миймән келсе, кой сойумсак болуштулар.*

СОЙУШ *жерг.* кешик; *тойдо сойуш кылып куржунга салып берет.*

СОЙУШТУК *жерг., пам.* согумга союлчу мал; *сайка суw келсе, эшек үркөт–девей сойуштук тәйәрдә.*

СОК I *зам.* каймакка көптүрүлгөн таруу; *сок деп жейчүле илгери.*

СОК II *батк.* базар; *бүгүнкү күнгө сок күнү болуп калдывы?*

СОК III *алб.* ышкы; *осмо койушка соку жок.*

СОК IV *зам.* жамактоо; *өзүм согуп чыгарган ыр.*

СОКБЕЛЕК *акт.* сокбилек; *оокусун сокбелегин таштаваган.*

СОКБИЛЕК *пам.* ""ханвазир» ойнунда жеңди түрүп, чыканакты төбөгө коюп, анан муштум менен коюп жиберип жазалоо түрү; *үч жолу сокбилек ал* (азыр бул эскирген).

СОКМО *жжол.* 1. октун коргошун балка менен согуп тоголоктоп жасалган түрү; *сокмо, анан куйма ок болот;* 2. эки жагына тактай коюлуп, анан анын ортосуна нымдалган топурак таштап, аны токмок менен ургулап жасаган дубал; *биз Ат–Башыда сокмону көп соговуз* (кээде ал "байса", "бакса" деп да аталат); 3. сокмо там, дубалда колдонулуучу тактай (кээде ал "сокмо жыгач" деп да айтылат); **кыргыз сокмо** узуну узун келип, бийиги жапыз болуп, эки капталына экиден «бет жыгач» коюп, үстүнкү тактайы толгондо алдыңкысын чечип үстүнө бекитип урулгандагысы; **төө сокмо** бийиги бийик, узуну кыска болуп согулган дубал, ошол дубалдын бөлүгү.

СОКМОК I *чүй.* ачуу күрсүнгөндүк; *сокмок менен тиштене сүйлөдү.*

СОКМОК II *батк.* кичине дүмүр; *ону сокмок дейт, сокмо тамдын үстүдөгү жыгачты.*

СОКО *сүл.* килем согуучу өрмөктүн эки башына коюлуучу туура жыгачтын алдыңкы көтөргүчү; *онун сокосу бар, сокмо билеригиңди* (жылма тоголок, орнаменти жөнөкөй билерик) *шо жерге кой.*

СОКОЙ *кочк.* 1. тегиз, бир кылка көрүнүштөн өзүнүн жалгыз бөлүнүп бийиктеп көрүнүшү; *күзгү терекке окшоп мунара сокойот*; 2. *лейл.* соксоюу; *сокойуп кайтып келдик.*

СОКОК *атб.* карагайдын кесилгенден кийин калган дүмүру; (тамыры менен оодарылса, "дүмүр", кыска кесилсе, "түп", бир аз жогорураак кесилсе, "сокок" деп аталат); *сокок дүмүргө караганда ичке, узун келет.*

СОКОЛ *ал.* куурап калган жыгач; *сокол алып келгилечи, курут кайнаталы.*

СОКОЛОК *жерг.* жыгач, камыш ж.б. өсүмдүктөрдүн күйгөндөн же кыйгандан кийин калган түр жагы; *сокмок жол пийәдә барсаңар соколок көрөсүңөр.*

СОКСОЙ *өзг.* 1. күрүчкө "нокот" аралаштырып, эт кошуп, сүткө коюу кылып бышырган тамак; 2. *тыньш.* сүткө май кошуп акталган таруудан коюу жасаган тамак; сокмо жыгач ургандарга ич тевишмейди койуп, соксой жасап бергиле.

СОКСОК *пам.* сөлдөгөй; *кичик болсом токмок дейт, узун болсом соксок дейт.*

СОКТАШ *жерг., батк., суз.* 1. молоташ; *кәттә талдын жанындагы сокмокто бир сокташ жатат*; 2. соку таш; *сокташтын үстүдөн бир саркайкып кетти;* **эки кайрак, бир сокташ болуw** бир керекке жароо.

СОКТЕК *жерг.* кара чырактын күйбөй калган калдыгы; *олорчулап сокгегини карыштап калва.*

СОКТО I *пам.* кемээч; *уйга нокто жарашпайт, ит owзуга сокто жарашпайт* (мак).

СОКТО II *түнд.* 1. өсүмдүктүн илимде «аталык» деп аталган кичине сабакчасы; *гүлдүн соктосу оң жагында экен*; **ак сокто** *батк.* эки тилик жука жалбырак алып, кылыч миз өндөнүп, буудайга окшош аш түйүп, малга жештүү келген өсүмдүктүн аты; *эгиндин арасыга ак сокто чыгыптыр.*

СОКТО III *батк.* 1. ийкем; *ол соктосуз адам беде?;* 2. *лейл.* чала кайым, келесоо; *жowдарды билвеген сокто беде?*

СОКТО IV *батк.* сыяктуу, окшош; *онун богону шол өзү сокто* (бул сөз өз алдынча колдонулбай негизги сөздөр менен гана бирге айтылат); **кәсәл сокто** оорудан таза айыгып кете албай же биротоло ооруп калбай жүрө бергендик; **эсер сокто** *зам.* акылы жоктой, кайсар; *эсер соктонун сиркеси суw көтөрвөдү.*

СОКТОП *жжол.* тамдын үстүнө жабылган камыш чатыр; *соктоп жавыш бу күндө кыскарды.*

СОКТУ: ак сокту *чүй.* башына үлпүлдөк ак үкүчө алып, топ – топ өскөн өсүмдүктүн аты; *ак соктуну мал деле жевейт, Кең – Төрдүн бетине жык өсөт.*

СОКТУКМАЙ *чүй.* чабышып – чачылып жүргөндүк; *соктукмайын көпкө койбой келген.*

СОКУ *жжол.* топ таш ойнунда сол колду чөйчөк сымал кылып, сол тизеге коюп, ага жердеги таштарды бир – бирден терип салып, анан оң колго өткөрүп, «учук» жасап, ыргыткан ташты тосуу; *сокуну*

өткөрүп, анан эс ал; **соку кант** *батк.* кумшекерди чуштугуй кылып оролгон кагазга салып, ага суу куюп катырып жасалган кант.

СОКУР *жерг., эск.* илгери менчик төө миңге жетсе, бирөөнүн көзүн атайын көр кылып ырымдап койгондук; *хуп босо, төwдөн бир сокур* (азыр мындай көрүнүш эскирип жоюлган); **теңир сокур** *тяньш.* эч кимди теңине албаган текебер.

СОКУРТУМ *өзг.* сокмо жол; *малчыларга чейин сокуртум гана жол бар.*

СОКУЧАК *батк.* кичинекей соку; *сокучагың берчи, сокташым өзүмдө бар эле.*

СОКЧЕЛЕК *жерг.* май сала турган челектин бир түрү; *олордон сокчелек сатып алдым.*

СОЛ *жерг.* жыл; *солдон солго Жаңы-Шаар әвәт болуп жатат.*

СОЛВУН I *жумг.* 1. жаңы жаап кургак тартып калган жаш кар; солвун, карды сапырылтып жиреп баратат; 2. *өзг.* чыгаан мыкты; *буга солвун дегендин баары конок болот.*

СОЛВУН II *ноок.* жоон, калың; *солвун куйрук ат тура.*

СОЛГО *базк., сейр.* сом. акча; *он солгочо бар.*

СОЛДОЙМАТ *чүй, ыск.* эчтеке жасабай эде солдоюп тура берген адам; эки солдоймат солдоюп эле турабы.

СОЛДОНСОЛ *жерг.* картошка айдалган аянттын ортосундагы суу акчу арыкча; *кәшкәнин солдон содуга суw чегип кой.*

СОЛИБӘХӘР *батк.* жерди которуштуруп айдоо; *хар жылы тамарканы солибәхәр кылып айдайт.*

СОЛКУЛДАК *зам.* штапел; *тойдо төрт метир солкулдак берди.*

СОЛКУН *жжол.* силкинүү; *аска-зоо көчүп, жер солкунат.*

СОЛМО *чүй.* жылкыны эт алгызбай арыктатып жибере турган оору; *солмодон жылкы оңой менен оңолбойт.*

СОЛМОНСУР *акт.* бекерчи, куу чирен; *солмонсур болуп өсө албаймын.*

СОЛОВО *чүй.* зоболо; *айылдын соловосу көтөрүлдү.*

СОЛОВОДОЙ *жжол.* солдойгон узун нерсе; *соловодой кылып багып жүрүш кыйын экен.*

СОЛОК *лейл., жерг.* кулактын учунан ичин көздөй оюлуп, анан жогор жагына дагы бир оюк түшүрүлгөн эн; *койго алдынан солок, биттә солок салаттар.*

СОЛОКМАТ *батк.* ашка жүк – башка жүк адам; *атасыга жүк богон солокмат бовосун.*

СОЛОКОН *ноок.* балдардын «тыпыр» ойнунда санак кылганда айтылчу сөзү; *солокону сен болдуң, сен чык.*

СОЛОМО *жерг.* мал камай турган коргончо; *кошчу жаанда тынат дегендей ону соломого камасаң тынар.*

СОЛОНО *жерг.* бир жылдык; *солоно пиләниңизди аткардыңызбы?*

СОЛОҢДОР *тяньш.* кылдат сомдолуп, ийине келтирилген кооздуктун бир түрү; *айталак мен купа, ооздук, солоңдор жасайм.*

СОЛП *зам.* 1. адат – салт; *ата-авадан калган кыргыздын солпу;* 2. *батк., лейл.* жөн, жагдай; *гәптин солпу шондой.*

СОЛПОҢСУР *чүй.* бош, бекер; *сабыры суз, көңүлү чөгөт, бир аз күнгө солпоңсур болуп жүрдү.*

СОЛПУ *зам.* оодар; *гөштү солпу, ой, сокучу.*

СОЛПУК *батк.* сөлдөгөй; *төшөктө тынч жата авады солпугум.*

СОЛТО *батк.* бутаксыз түз

шыргый; *солто – солтосудан бер, ала кетсин.*

СОЛТОЙ *зам.* сөлдөйүү; *солтойуп келаткан ким?*

СОЛТОҢ *алб.* сөлпөкөй; *таптым тешик, миндим бешик* (таб. үзөңгү), *солтоңум тапчы.*

СОЛТОСОТ *атб.* эринчээк жалкоо; *оо, солтосот деп атам урушуп калар эле.*

СОЛУМ *ал.* майда барат иш; *солум өмкат кылдырып, бала кылдың карылык.*

СОЛУН *пам., жерг.* сонун; *бүгүдайдын наны солун.*

СОЛУШ *батк.* солуу; *күн ысыкта солушат деп кеспейм.*

СОМ I *жерг.* жаш кыздардын көкүрөк, чачпагына же куюшкан, көмөлдүрүк, жүгөн, ооздук ж.б. тагылган тегерек – тегерек кооздук; *көмөлдүрүк сомун алтын көкүрөккө такты дейт.*

СОМ II *лейл.* 1. адамдын таманынын эти чор болуп кетиши; *путумдун сомуну кессем өкрүвайт;* 2. *зам.* түбү көгөрүп чыйкан сымал тумпуюп моюнга чыгуучу жаранын аты; *сомду айыктырышка болову?*

СОМ III *батк.* 1. сулп эт; *гөштүн сомудан кес;* 2. *жжол.* чулу туз; *солуктатпай сом тузуңан берсеңчи.*

СОМ IV *карс.* макоо; *ич нерсе билбеген сом да, болвосо сол колдон* (чикитти сол кол менен чабуу) *калбай эле койвойбу?*

СОМГОК *чүй.* сокмок; *сомгокко салып айта бере турганы болот эмеспи.*

СОМДОЛДО *батк.* болжолдоп сүйлөө; *сомдолдоп – сомдолдоп эле жалган – жашык сүйлөвө.*

СОМДУК *түнд.* күмүш теңгеден жасалган чачуучтук; *бул сомдук апам раматылыктан калган керээз эде.*

СОМКЕЛ *кочк.* чың денелүү; *ал узун бойлуу, сомкел жигит.*

СОМОКОЙ *батк.* сологой; *сомокойду өзүң алың, сом тайагың маңа бериң.*

СОМОЛУУ *чүй.* олуттуу; *майда ушак сомолуу ойго кесир кыла албайт.*

СОМОСУ *ыск.* болжолу; сыягы; *Жомбулакта сомосу бөрүлөр жашаган.*

СОМПОР *пам.* сөлдөгөй; *эгесини тартпаса арам өлөт, о сомпордун аты так өзүдөй.*

СОМСӨЙКӨ *жерг.* кулакка тагыла турган кооздуктун бир түрү; *сомсөйкө менен эшмени мындай көйүң.*

СОН *зам.* өчүү; *от сонуп калды, сом балта* (айбалта) *менен отунуңду жара сал.*

СОНО I *зам.* сайгак; *сыйырга соно тийди, ол отургандар соломого жөнөдү.*

СОНО II *батк.* 1. өзүнө тиешелүү бир нерсени башка бирөөгө бергендик; *дилимди куптан кылды, мен дә азыркысыны соно кылдым.* 2. чүкө ойнунда үч жолу уткандан кийин кезекти башка бирөөгө бергендик; *кезекти соно кылып, саңа бердим.*

СОНОДОЙ *ал.* чоң; *сонодой – сонодой эки жигит.*

СОНОК: сорпу сонок *батк.* каада – салт; *кыргыз элинин сорпу соногу бойунча өзүн солтон санап койот.*

СОНОКОЙ *зам.* сыпаа; *бүгүн сонокой болвой, көңүлү бир аз таш болуп турат.*

СОНОР I *өзг.* мал жүрбөгөн, баспаган татаал жер; *солтон сары* (кежир) *болво, сонор жерге жүрвө.*

СОНОР II *түп.* зекигендик; *узун сонор такуу болбосун.*

СОНУН *тыньш.* адегенде даал басырыла элек жаш кар; *сонун карга малтыды, сол шамалга каравай*

(батыш тараптан жүргөн шамал) *жүрө берди.*

СОҢГҮЛУК *зам.* кийинкиге арналган сөз, керээз насаат; *айтып койсо соңгүлукка, жиреп койсо сойгүлүкка.*

СОҢК: соңк–соңк *жумг.* шөлп – шөлп; *куйругу сопол соңк–доңк желген бир коңкойгон чаар ат.*

СОҢКОК *жерг.* кесилбей, куурап турган жыгач өзөгү; *шону соңкок дейт, эсер сокто бовосоң карап көр.*

СОҢРА *батк.* кийин; *өлсөң соңра келмек жок.*

СОҢУРАН *батк.* баамсыз, акылсыз; *ойдон–кырдан сүйлөгөн соңура экен.*

СОҢУРАН *батк.* уйкусуроо, делдирөө; *соңуранганымды кетип баратып деле билвепмин.*

СООК *алб.* шык; *менин оюнга соокум болводу.*

СООКТО *кочк.* иргөө; *ушундайларга алаксып, ушуларды сооктойт.*

СООЛ *кочк.* таң жаңы атып келе жаткан мезгил; *соол уакта үйүнө от тамызып жатыптыр.*

СООЛО *кочк.* алдоо; *байкеңе кат жазам деп соолойт* (бул сөз көп жерлерде өз алдынча айтылбай "алдап – соола" деген кош сөздүн гана тутумунда айтылат).

СООЛУК *жерг.* айыгуу; *Козувай соолугуп кетиптир.*

СООЛУН *баткч.* сонун; *соолун макмалды гез кайткан cowлукка берди;* **соолун көчөт** *жерг.* көчөттүн түрүндө салынганы; *соолун көчөт ар кыл жиптен кештеленет.*

СООР *түшт.* соот; *кара соор каркыным, ичиндеги жаркыным* (таб. сабаа, кымыз).

СООРОНЧ *чүй.* бирөөгө көңүл айтып, кайрат бергендик; *сага паана, сооронч керекпи?*

СООРУН I *ал.* согондун бир түрү; *дөнөн cowлук соорун оттоп жатыптыр.*

СООРУН II *пам.* ат чабышта, улак тартышта берилүүчү сый байге; *соорундан cowга, баатыр cowга!*

СООРУН III *пам.* тартип, ирет; *соорун көргөнсүң го. сиңдижаным, тил ал, бара кой.*

СООРУНЧУ I *тал., чүй* аш – тойго келген адам; *соорунчу болуп келгенден бери ооруп, сароолоп кетти.*

СООРУНЧУ II *пам.* «соорун» байгесин алган киши; *сармерден ойноп күлгөнгө соорунчуну кошуп алалы.*

СООРУСУН *атб.* сарымсак, тоо пияздын жаш өзөк сабагы; *атагана жеңеке, соорусун алып келип берсем, ээ?*

СООТ *тторо.* эритилген коргошунду чогултуучу буюмдун аты; *коргошун эрип соотко ага баштайт.*

СОП I *кочк.* учкай; *сойул куйрук, соп желме жылкы.*

СОП II *зам.* сокбилек; *о илгери сарпайга бир тузак, бир соп берген экен.*

СОП III *ыск.* кур жалак; *тыйын бервей сыймыгынан соп кылды.*

СОП IV: соп–соп *жерг.* издеп убаралангандык; *то кечке соп–соп кылып жүрүп хеч теме тава авадым.*

СОПКЕЛДИ I *чатк., тал.* тамыры жерге терең кетип, жоон өзөк алып, жешке жарай турган өсүмдүктүн аты; *айуw согон бир башка, сүwрү согон бир башка, сопкелди болсо, такыр башка өсүмдүк.*

СОПКЕЛДИ II *чүй.* эчтеке менен иши жок энөө; *тиги, уулуң сопкелди болуп кетпесин.*

СОПО *батк.* чачы өтө суюк; *силердин сопо келатат.*

СОПОК I *батк.* уч жагы чуштугуй, түп жаагы жоон; *сопок*

кара (өрүктүн өңү каралжын сүйрү сымал түрү) *сопок алма* (мөмөсүнүн өңү агыш, сүйрү келип, көпкө сактала турган сорт) *эгип койдум.*

СОПОК II *батк.* бидон; *сопокту алып, сууга баргыла.*

СОПОКОЙ *ноок.* чуштугуй; *сопокойду кара, келинди кегенде көр, сарпайыны кийгенде көр – дейт.*

СОПОҢДОТ *жжол.* сөлп – сөлп этип атка желдирүү; *солпоңдотуп желдирген бойдон кетти.*

СОПУ I: баатыр сопу *суз.* калемпирдин түсү кызгылт келген, даамы аябай ачуу, өзү кичине баш алган түрү; *сопунун дээми жүдө аччык.*

СОПУ II *зам.* чүкөнүн бөгөсү; *ашык сопу түшсө, ууру таппайт.*

СОПУЙӘН *батк.* өңү саргыч келип, өрүк бышканда аны жей турган канаттуунун аты; *сары сопуйән өрүк жейви?*

СОР *ал.* кубат, куч; *алтымышка киргиче артыңдан ырдап, сор берем.*

СОРВО *суз.* шилээн; *сопок челекке сорво куйсак болову?*

СОРЕК *батк.* кычы; *беденин арасыга сорек өсүптүр.*

СОРОГОНЧ *алб.* сороонок; *сорогончко айтып кой, шөлпөңдөвөй атка тез минсин.*

СОРОК *тал.* тоо – зоодогу шиш таш; *сорок–сорок таштар бар.*

СОРП *баткч.* үрп – адат, каада – салт; *эл сорпун тактап турган бар.*

СОРВОЛУК *суз.* шилээндик; *шонун саргылтымы бар экен, сорволук болор.*

СОРУ I *өзг.* боору күрөң жашыл, куйругу ача, жону жана соор жагы жашыл канаттуунун аты; *жашыл соруну бир көрдүм, овоо соргокту* (бүркүттүн бир түрү) *бир көрдүм.*

СОРУ II *жерг.* кыр арка; *көк караган куштун канатыны кырккандай сорусу буралат.*

СОТ *жерг.* эки кыр арпа; *Лахшынын арпасы саман арпа эмес, сот.*

СОТЕК *тал.* сото; *эмчегинин үрпүнөн сары суюу чыгып турат, сотэктен салып койчу.*

СОТО *жжол., өтм.* узун тартагай; *ким десем, Арыкбай акемдин сотосу турбайбы.*

СОТОЙ *чатк.* эзсе самын катары көбүктөнө турган өсүмдүктүн аты; *кәмпирләр тырмышып отуруп ак сотойдон самын жасар эле согуш кезинде* (азыр бул көрүнүш учурабайт).

СОТОЛО *тал.* жүгөрүнүн кабыгын аарчуу; *жүгөрүлөрдү сотолой бергиле;* 2. *чүй.* жүгөрүнүн данын «сотосунан» чыгаруу; *жүгөрүнү сотолоп живергиле.*

СОТОМОЙ *батк.* төрт кырка жасалган сырга; *ай сырга, сотомой, шәкәк жасайт.*

СОФУ *жерг.* сопу; *бечәрә софу, беникә бүвү* (таб. короз, тоок).

СОЧ *жерг.* төшү кызгылт агыш, канатынын сырты кара келген канаттуунун аты; *серачуw экен, сочту келип кошуп калды.*

СӨWГӘН *батк.* сөөлөт күткөн; *Әбдиллә сөwгән такыр тынбайт, үйүгө барсаң үйүдө турвайт.*

СӨWӨК I *жерг.* сөөк; *сөwөгү жок тил сөwөк сындырат;* **сөwөк кумай** *ноок.* ак чөөлмөк ойну; *сөwөк кумай ойноп жылгача бардык;* **сөwөк савагы күйдү** *жерг.* ичи ачышып, боору ооруду деген мааниде айтылчу туюнтма; **сөwөгүдө бар** кош бойлуу, боюнда бар деген мааниде айтылчу туюнтма; **гөшү сиздики, сөwөгү биздики** эти сиздики, сөөгү биздики деген мааниде айтылчу туюнтма; **итти сөwөк менен урсаң каппайт** *пам.* итке сөөктөн артык эмне деген мааниде айтылчу туюнтма; **супанын алдына сөwөк жатсын!** *жерг.* бардар

бол, малдуу бол деп алкоонун бир түрү.

СӨWӨК II *батк.* солдогой; *бойу узун сөwөк бала.*

СӨWЛҮК *батк.* бөй чакканда айтыла турган сөз; **эки тоwдун урунушу** эки сuwдун куйулушу; *карагай оwзун кесе–кесе арывадым, сөксөwүлдөй сөwлүк, кескендей жоwлук.*

СӨWСӨР *зам.* 1. эрөөн – төрөөнү жок жүргөн; *сөwсөр эле, атасы өлдү* (мурчуюп, таарынып калды); 2. *лейл.* кеңкелес; *ол сөwсөр шону кылмак* ("сөwсэр", сөөсэр" болуп да айтылат).

СӨБГӨТ *түп.* аңгеме, кеңеш; *айылга баруuга сөбгөт кылды.*

СӨГӨГӨНЧ *алб.* сөгөөнөк; *сөгөгөнчкө шуру жоwлукту бервей эле койчу.*

СӨГӨГӨЧ *жерг.* сөгөнөөк; *сөгөгөчтүн оwзу бузук болот.*

СӨГӨН: сөкпөй сөгөн кал *ыск.* тилдебей куруп, жок болуп кал.

СӨГӨӨНӨК *ыск.* сөгүп турма; *сөгөөнөктүн сөгөөнөгү байкуш Сарткара эле го.*

СӨГӨР *ыск.* төштүн сөгүлө турган жери; *төштүн сөгөрүнөн өпкөсүн куушура кармайт.*

СӨГӨТ I *батк.* булактын айланасына топ – топ болуп чыккан жалайы бак – дарак; *сөгөттөн мал суғарып кайта бергенимде күн төгүп жүгөрдү.*

СӨГӨТ II *жерг.* акшактан ботко сыяктуу жасалган коюу тамактын аты; *биз шинчәй и сөгөт атала ичтикки, ах болбогур.*

СӨГӨТ III *жжол.* нааразы болуп же какшыктап, же табалап айтылган күбүр – шыбыр; *эч сөз угузбай, ый угузбай, сөгөт угузбай койду.*

СӨДӨҢ *батк.* бою узун, эси азыраак; *ээ, сөдөң, чувалжыйп эч бәләәнин өдөсүнөн әм чыкпайт.*

СӨДҮРӨ *батк.* сүйрөө, тартуу; *ол талды сөдүрөп келди* ("өдрө" болуп да айтылат).

СӨЗГИНӘ *ал., суз.* сөзүнөн ий; *кадырлашып сүйлөшкөн сөзгинәңдән кетейин.*

СӨЗДӨ *пам.* 1. сөздүн артын көздөө; *сөздү сөздөмөк керек, арка–астын көздөмөк керек;* 2. сүйлөп берүү; *авал ойло, әнән сөздө.*

СӨЗДҮК *ош* создук; *алыстан үн үндүк– сөздүк угулду.*

СӨЗӨК I *тторо.* сүзөк оорусу; *бели оорудu – сөзөк болду, эчтекенин сери жетпейби дейм.*

СӨЗӨК II *лейл.* узун ичке, сүйрү; *о сөзөк жолго семут төгүп жүрөт.*

СӨЗӨМӨЛ *жерг.* сөзмөр; *ол жүдә сөзөмөл экен* ("сөзөмөр" болуп да айтылат).

СӨЙКӨВАЛ *өзг.* сөлкөвай; *чоң энемдин сөйкөвалы көп.*

СӨЙКӨГҮЛ *чүй.* сүйрү гүл ала турган өсүмдүктүн аты; *менде дегенди билген неме, сөйкөгүлдү кантип билвесин.*

СӨЙЛӨМПОЗ *жерг.* сүйлөөк; *сөйлөмпоз кишилер экен.*

СӨЙМӨГӨЙ *өзг.* узун, ичке, арык; *арыктыгына карап сөймөгөй деп койот.*

СӨЙӨ I *жерг.* дандын жаңыдан түп байлоо үчүн чыгарган түйүлдүгү; *секирин дандын сөйөсүнү жарып көрсөң.*

СӨЙӨ II *лейл.* 1. сүйөө; *Төлөвай өлөм дейт, эки баласы сөйөйүм дейт* (таб. босого, босого жыгач); 2. кол кабыш кылуу, жардам берүү, багуу; *балдарыны ким сөйөйт?;* 3. *зам.* кактоо; *отко сөйөп пышыр, соолун сөйкөңү алып койуп;* 4. *батк.* жөлөк болуу; *кумурскадан бака жем тилесе, ону сөйөй веке?*

СӨЙӨW *лейл.* таканчык; *ич сөйөwү жок эде койон секирик жасады.*

СӨЙӨWҮЧ *жерг., пам.* бирөөнүн жардамдашар кишиси; *Кызыл–Суw*

өркөчтөп жаткан вахта да сал өтө берет, салчынын сөйөwүчү йәм болот.

СӨЙӨК *батк.* сөөк; *сен анавы сөйөктү алып кой*; **сөйөгү тиктешип кетти** сөөгү тамырлады.

СӨЙӨЛ *батк.* сөөл; *колудагы сөйөлү тәктиде айыга эдек.*

СӨЙӨН *жерг.* сүйөнүү; *агасыга сөйөнүп сүйлөйт, сөйөл арчага барганыны эйтәт.*

СӨЙРӨК *түнд.* сөйрөндөгөн нерсе; *кыл курсак, жыгач бөйрөк, кыйкактай сөйрөк–сөйрөк* (таб. элек).

СӨЙРӨНДӨ *өзг.* өөдө – сөөлүк сүйлөө; *сөйрөңдөвөй, тантывай жөн отурчу! жаны кичине сеп алсын.*

СӨЙРҮК *өзг., жжол.* 1. өйдө төмөн, өөдүк – сөөдүк; *орду жок иш кылса, сөйрүк дейт;* 2. унутчаак, кежир; *пул болсо–базар, пул болвосо – азар деген сөйрүкпү ол?*

СӨЙРҮНДӨ *ал.* кылжыңдоо; *ии, дагы сөйрүңдөй түшчү көрөйлүк?*

СӨЙСӨГӨК *жерг.* адыр – күдүр талаа; *сөйсөгөктү тегиздесе болову? ак сөйкөнү алып берсе болову?*

СӨК I *тал., батк.* 1. тааруу талкан, акталган тару*у; калдыркан сөйкө тартwлап сөккө тунган дейт* (азыр бул эскирген); 2. *тторо.* тарууну талканына курут кошулгандагысы; *сөк талкан суура чылашты.*

СӨК II *жерг.* май салып коё турган челектин бир түрү; *секиден, сөк, сыпыра деген болот, олорду сwwук селки бовой көрсөт.*

СӨККҮ *жерг.* жеме; *ол атасыдан сөккү эшитти.*

СӨКӨТ *жерг.* жеме, тил; *балдардын бирээри сөкөт укту.*

СӨКСӨWҮЛ *пам., батк., жерг.* сөксөөл; *өгөйдүн өтү курусун, сөксөwүлдүн чогу курусун;* **кумга бүткөн сөксөwүл** *жерг.* туяксыз.

СӨКТЕК *жерг.* кара чырактын жарым бөлүгү; *сөктектин жаныда кичик сөйкө турат.*

СӨКҮР I *жерг.* 1. өктөм, туруктуу; *сөкүр адам, олку–солку болвойт;* 2. *өзг., өтм.* селсаяк; *сөкүр болуп, тентигенден башканы билвей калып жүрвө?*

СӨКҮРӨ II *зам.* сөгүл; *көйнөгүң сөкүрөп кетиптир, секиртмеңди* (ак, кызыл түстөгү жип менен кара материалга секиртип сайылган сайма, сайманын нугу – жолу), *койо туруп тигип ал.*

СӨКҮКӨТ *зам.* тигишти ыдыратуу; *жеңини сөкүрөтүп жүгөр.*

СӨКЧӨК *батк.* 1. жибек куртун багууга ылайыкталып жасалган орун, жай; *уста келип, куртка сөкчөк жасап кетти;* 2. *жерг.* киши отуруу үчүн жыгачтан орундук; *сөкчөк салкын, шунда отуравыз;* 3. кандайдыр бир нерсенин алдына тегиздик үчүн коюлган зат; *жүдә сөзөмөлдүгүңдү билевиз, ондой болсо, шого сөкчөк койуп бериң?*

СӨЛ I *ал.* чөп чыккандагы сол; *чөптү аралавай сөл менен келсең.*

СӨЛ II *жерг.* 1. чык, ным; *owзумдун сөлү качты;* 2. *ноок.* "үйрөпалоо", лагманга кошуу үчүн майда тууралган эт, калемпир, сабиз, картошка, помидордон даярдалган сорполуу соус; *үйрөпалowдун үстүтө сөл куйат;* 3. өзөк, тамыр, бойдогу шире; *сөл шимип, мөгө ийилди.*

СӨЛАВӘК *батк.* сөлдөгөй; *сөлавәк жыгылва, бир кызык болот.*

СӨЛВӨЙ *батк.* сөлдүрөө; *бир арык неме сөлвөйүп баратат.*

СӨЛВҮ I *тал.* төгүп жайнатуу, чачыратып салуу; *бүткүл берекесин өрөн–сайга сөлвүп таштады.*

СӨЛВҮ II *жерг.* сөлбүрөө; *сөйкө салпыңа сөлвүп басып барган эде.*

СӨЛВҮК *жерг.* сөлбүрөөк; *сөлвүккө чойун казан иштетип койсо.*

СӨЛВҮЛӨ *таб.* бир нерсени жамаштырып оңдоо; *көйнөгүмдү сөлвүлөп кой, ал эмне севил болмок беле?*

СӨЛДӘК *батк.* солдогой; *ол сөлдәк биздикиге келди.*

СӨЛКҮ *тяньш.* боз үйдүн ичиндеги күзгү, тарак ж.б. коюлуп сактала турган жер; *бос үйдүн ичинде сөлкү, әпчи жагы болот.*

СӨЛӨК *жжол.* сөлдөгөй; *бойу сөлөк бир жаш бала.*

СӨЛӨҢДӨ *жерг.* саландоо; *сөлөңдөтүп чават, сөлөңдөтүп барып сәрсәвилди тават.*

СӨЛП: сөлп–сөлп *ыск.* атка желдиргенде шөлп – шөлп эте желдирүү; *а, түгөт, сөлп–сөлп этип араң желет ко.*

СӨЛПӨК *кочк.* сөлпү; *эти качкан сөлпөк башын кыйшайта отурду.*

СӨЛПӨКТӨ *акт.* салпактоо; *артыңан сөлпөктөп жүгүргүчө эркеч сууну кече качты.*

СӨЛПӨТ *жжол.* сүлдөр; *сөлпөтү жок бир кәл келип ыйлайт.*

СӨЛПҮ *пам.* шөмтүрөө; *таң аткыча сөлпүп кетти.*

СӨЛТӨЙМАТ *ыск.* сөлдөгөй адамды какшыктаганда айтыла турган сөз; *аа, курган сөлтөйматтын колунан эмне келет?*

СӨЛТӨК *ыск.* кыйшаңдап баскан, секирген, аттаган кыймылды элестеткен сөз; *сөлтөк–сөлтөк этип басканы башкача да.*

СӨЛТӨКТӨ *ыск.* сөлтөк – сөлтөк этип кышылдоо; *сөлтөктөгөн бөктөргө куул алыптыр.*

СӨЛТӨҢ: сөлтөң сөлтөң *ыск.* бир жагына кыйшая, же чолтоё басуу, же атка мингенде шолп – шолп этип желдирүү; *сөлтөң–сөлтөң эткен байкуш, кел бери.*

СӨЛТӨҢДӨК *ыск.* сөлт – сөлт этип баскан же желдирген; *Омор сөлтөңдөк келатат.*

СӨМӨW *пам.* жоош, момун; *сөмөw жаны бар, шонтсе, йәм паам – парасаты жакшы, өзү сөлдөк эмес.*

СӨМӨКӨЙ *тал., жжол.* сөөмөй; *сөмөкөйүңдү сороктотпой жөн отур.*

СӨМӨЛӨК *батк.* көчө буудайдын унунан жасалган суюк атала; *сейпәләң менен калың кийминди койуп, сөмөлөк жасап жүтөрчү.*

СӨМӨЛӨКӨЙ *жжол.* топ таш ойнунда таштарды чеккенде жерге түшкөн ташты сөөмөйдүн жардамы менен кайра чегип илип алуу; *сөмөлөкөйдү кээде «бир илекей» деп да атайт.*

СӨМӨЛӨНТ *батк.* сүйрөлтүү; *сөмөлөнтпөй дурусураак көтөрчү созон жасап берейин.*

СӨМСӨЙ *өзг.* солдоюу; *акылдуw бала элпек, акылсыз бала тентек дейт, сөмсөйвөй, сөсө бовой отур.*

СӨМТҮРӨ *батк.* сүйрөлүп чубалуу; *сөмтүрөвөсүн, башка киймини кийип асын.*

СӨН *ыск.* өчүү; *не көзүнөн оту сөнө түштүвү?*

СӨҢГӨК *чүй.* 1. сото; эмгектен качсаң дөңгөккө; *дөңгөктөн качсаң сөңгөккө;* 2. *батк.* куураган бутак; *иттин этини ит жевейт ко, сәрсеме баспай, о дарактын сөңгөгүнү кесчи.*

СӨҢГӨКТӨН *түнд.* өзөк алып жооноюу; *терек сөңгөктөнүп, бой тартты.*

СӨҢГҮЛ *жерг.* чикиттин балакайын сөөмөй менен бармактын ортосуна кысып туруп, анан түшүрүп жиберип чабуу; *сөңгүл ортоң колдон мурда болот.*

СӨҢСҮЗ *зам.* капарсыз; *сен мунча сөңсүз бовосоң, бу жүрүштө гөр әм бовойсуң.*

СӨӨ *зам.* сүйө; *бир чал өлөмүн деп турат, аны эки баласы сөөп турат* (таб. үйдүн босогосу).

СӨӨВӨТ *акт.* илгери «алка» өткөрүүдө өткөрүлүүчү аңгеме; *колун берип, сөөвөткө олтурганы келчү.*

СӨӨДҮР *түнд.* эчтекени туюп сезбеген, сөзүнүн баш – аягы жок; *ата, байагы сөөдүр дагы эле жүрөт.*

СӨӨКҮР *тторо.* ар кайсыны сүйлөй берген акылы кемирээк адам; *ал сөөкүр, сүйлөй берет.*

СӨӨКҮРӨ *тторо.* көп сүйлөө; бабыроо; *койгула, мени көп сөөкүрөтпөгүлө.*

СӨӨЛ I *тторо.* малдын мурду, тили жарылып ооруган оорунун аты; *мал сөөл болсо, туз менен жууйт, көк таш тийгизет.*

СӨӨЛ II *алк.* куурдактын майы; *анавы сөөлдү тазалап койгула.*

СӨӨЛЖЫЛАН *чүй, сейр.* сөөлжан; *жаанда сөөлжылан көп чыгат.*

СӨӨЛМӨЙ, АК СӨӨЛМӨЙ *батк.* ак чөөлмөк ойну; *ак сөөлмөйдү түндө ойнойт.*

СӨӨЛМӨК, АК СӨӨЛМӨК *лейл., өзг., жерг.* ак чөөлмөк; *ол түнү биз ак сөөлмөк ойногон эдек.*

СӨӨНӨЛ *түшт.* кирпиктин учуна тоголок жаштын туруп калуусу; *кирпиктерине сөөнөлгөн тамчы жаш төмөн карай кулады.*

СӨӨНЧ *ыск.* сүйөнүч; *сөөнч күтүп турат.*

СӨӨРҮ *түшт.* жарым метр өлчөмүндөгү бийиктикте жасалган көп кишилик жыгач такта пол, орундук; *кечки салкында сөөрүдө отурушту.*

САПАЛЫ *тал.* өйдө – төмөн сүйлөгөн келесоо чалыш; *ага окшогон сапалы айтат да, болбосо ким эле сөмөкөйү менен ойнотуп койду десин.*

СӨПӘН *ноок.* узун арык, сүйрү баш; *сөпәнди кара ийрейип сөвөгүндө бар экен.*

СӨПӨК *лейл., батк.* 1. сөлпү; *тетиги баланын башы сөпөк экен*; 2. *батк.* сүйрү; *сөпөк челекти апке, балам.*

СӨПӨТ *чүй.* быт – чыт кылып талкалап, мүлжүп жок кылып жибергендик; *төрт карышкыр жалгыз итти саматта сөпөт кылышты.*

СӨПӨТТӨШ *ноок.* кобурашуу; *баллыгыны өзүм сәриштә кылышка сөпөттөштүк.*

СӨРӨ *чүй.* кадыма жол; *тигине тетигини сөрө дейт.*

СӨРПӨ *пам.* серпөөр; *карышкыр алган капканын сөрпөсүндөй.*

СӨСӨ *өзг.* арык, узун, ичке бой; *айыл арасында аны сөсө дейвиз.*

СӨТӨЙ *батк.* сөлдөгөй; *сөтөй бозой бери ке.*

СӨТӨЙ *зам.* селдейүү; *бир ирмем сөтөйүп тура калды.*

СӨТӨК I *ноок.* өзөк; *ортосудан сөтөк болуп узарып чыгат.*

СӨТӨК II *алб., жерг., батк.* сөлдөгөй; *бойу узун сөтөк киши* ("сөтәк" болуп да айтылат).

СУББАТ *ноок.* сөөмөт; *сөтәйгән бирөw менен суббат кылып отурдулар.*

СУББАТТАШ *ноок.* сөөмөттөшүү; *белсенип сәржин алып суббатташты.*

СУW I *тал., чатк., алб. жжол., батк., лейл., өзг., суз., ал., зам., жерг., пам.* суу; *сурап ичтиң, суw ичтиң, тартып өптүң, жел өптүң;* **суw амбар** *батк.* кичине, жасалма суу сактагыч; көлмө, көлчүк; *суw амбар жасап жүгөрөвүз*; **суw бөөрү** *ал.* суусар; *суwсарды суw бөөрү, жоwошту кыйар деп дә койот;* **суw жаан** *пам.* жамгыр; *суw жаан төгүп кирди;* **суw көтөргүч** *ал.* апкеч; *суw көтөргүчтү бере калың;* **суw тер** *өзг.* жөөктөргө суу бөлүү; *о кәнәлдән суw бөлүп, әгәттәргә суw терем*; **суw тутулду** *батк.* кышкы чилденин учурунда суунун ташкындап тоңгон учуру; *суw бир жерде турса шонтип, суw тутулду болот*; **суw түштү** *тал.* чаап,

СЫЙГАР I *тал.* сыйдырып батыруу; *кандай адам анын баарын сыйгарат?*

СЫЙГАР II *жжол.* ыйгаруу, ылайыктоо; *әзилге сыйгара күлдү.*

СЫЙГЫЛТ *атб.* сылоо; *чачынан ылдый сыйгылтты.*

СЫЙГЫЛЧЫК *ноок.* жылмышчаак; *сайдын ташы сыйгылчык келет* ("сыйгылчак" болуп да айтылат).

СЫЙДАЛ *суз.* кийимдин жалтылдак, женил бир түрү; *сыйдалды кийсең сылансаң.*

СЫЙДАМ I *чатк.* жылмакай; *өңү сыйдам болову, кандай болот?*

СЫЙДАМ II *пам.* сатин; *ләс кызыл сыйдамдан кыймат экен, әә?*

СЫЙДАМ III *батк.* түк, эчктеке; калбай калгандык; *базарда коон сыйдам болуптур.*

СЫЙДАН *жерг.* 1. эти тартылып, чыпылдап, кындыйып көрүнгөн жылкы; *сыйдан атың желдей эле*

кетет ко; 2. субагай; *сыйдан бойу шыргыйдай.*

СЫЙКА I *батк.* жакшылыкта бирге болуп, кыйынчылыкта качып калуу же колдон суурулуу; *сыйка жигит дей веде?*

СЫЙКА II *ал.* үстүртөн; *адам жөнүндө сыйка живишадай.*

СЫЙКА III *жерг., зам.* сыйгалак; жылмакай; *тегирмендин ташы сыйка болуптур.*

СЫЙКАЛА *ноок.* 1. жылмалоо; ышкылоо, сүрүү; *колуңду сыйкала;* 2. *батк.* жооткотуу; *сыйкалавай сүйлө, сыйдам иләс түшсө.*

СЫЙКАЛАН *батк., жерг.* 1. жылмышуу; тайгалануу; *о жол муз экен, сыйкаланып кеттим;* 2. сөйкөнүү; *тамга көп сыйкаланба.*

СЫЙКАЛЫК *батк.* куулук; *сыйкалыгыдан өзүгө ич чаң жугузвайт.*

СЫЙКАТ *өзг.* 1. жандатуу, кыйытуу; *тарс эле айтпай, сыйкатып айт;* 2. тиер – тийбес белги кылуу, ишарат жасоо; *бүлдүргөсү менен сыйкатып койду* ("сыйкант" болуп да айтылат).

СЫЙКӘШ *батк.* меймандос; *олор жүдә сыйкәш келеттер.*

СЫЙКОО *чүй.* шылтоо; *жок жерден сыйкоо таап чыр чыгарбасын.*

СЫЙМА I: сыйма–сый *батк.* бап – барабар, бипбирдей, тепетең; *сүтүмөк ичкели сыйма–сый келдилер.*

СЫЙМА II *батк.* 1. эчтеке калтырбоо; *кара самынды сыгымдап отуруп, сыймап алып кетти;* 2. аймап жиберүү; *сыймап жүгөрдү эмчегини.*

СЫЙМАЛА *батк.* сыйпалоо; *талысыны сыймалап, укалап жатып уктатты;* 2. сыйгалануу; *орус така сыймаланбайт, жакшы.*

СЫЙМАЛАН *батк.* 1. сыйпалануу; *кыз–күйөөгө сый беришке сыймаланды;* 2. сыйгалануу; *жүктүн бурчудан сыймаланып кетти.*

СЫЙМАН *жерг.* чапчуу; *таш чеңгелдеп сыйманган.*

СЫЙПАЛАМАЙ *кочк.* топ таш ойнунда жердеги таштарды бирден жыйноодон мурда жерди бир сыйпап, анан таш жыйноо; *сыйпаламайдан киши жыдывайт.*

СЫЙПЫР *батк., эск.* илгери сапар айында буюм – терим сындырбоого, коңшу – колоң менен алыш – бериш кылбоого, кир да, баш да жуубоого жасаган аракет, ырым; *сыйпыр деген диндик ырым–жырым бар эде, энди ону ичким тута койвойт.*

СЫЙПЫТ *чатк.* ичке жылгача, ой жер; *ойунда, сыйпытында чөп жакшы эле.*

СЫЙРЫ *ноок.* шыпырып тазалоо; *сарайды шыпырып–сыйрып кам көрдү.*

СЫЙРЫГУЙРУК *ал.* ордо ойнунда жайылып жаткан чүкөнү биринен улам бирин сүрө атуу ыгы; *чүкөлөрдү сыйрыгуйрук ат.*

СЫЙРЫМ *ош.* пахтанын терилип алынып өзүнчө таңгакталганы; *төрт чарчы тайланган дахта сыйрымдары.*

СЫЙРЫЛМА *түшт.* сыйгалак, сойголок; *сыйрылмада ат тайгаланып баса албады.*

СЫЙРЫМ *пам.* аркар – кулжа, эчки – текенин кабырга сыртындагы майы; *сыйрым жейвиз;* **бир сыйрым** бир эли май; **эки сыйрым** эки эли май; **сыйрымы жок** бирөө менен мамилеси жок адам.

СЫЙРЫМТА *ыск.* сыйрып алып кеткен нерсе, буюм; *көрсө барымта, көрвөсө сыйрымта деп, илгеркилер жаман жашаган экен.*

СЫЙСАЛМА *ноок.* чачпак, чолпу; *сыйра талга барвай жүр, сыйсалмаң түшсө, кантесйң?*

СЫПСЫЙПЫР *тторо.* тыптыйпыл; *кара койдун дүмпүлдөктү сыпсыйпыр унутуп калыпмын.*

СЫЙЫН *батк.* калың; *ол сыйынды*

әкәләри бөлүп алды (бул көрүнүш азыр эскирген).

СЫЙЫНАТ *жжол.* сыйынт; *сыйынатка чейин ээрчитип барды.*

СЫЙЫНТ *батк.* касам; *сыйынт берүwтө дайар.*

СЫЙЫР *пам., жерг., батк., лейл., ноок., зам.* уй; *сыйыр – сыйыр, бергин сүт, ичсин күлүк; кuwсун кийик, түшсүн шак; таталай турпак, кызың көз ача; алай суй, чайкай тумшук, болой семиз* (формула сөздөн)*; он эки төw он жылкы, тогуз сыйыр, беш эчки, жарым койон, үч түлкү таппай калсаң чоң күлкү* (таб. аты аталган жаныбарлардын курсак ичинде тукумун көтөрүп жүрүү мөөнөтү); **сыйыр куйрук** *батк.* апсыйтып салгандык; *үйдүн аркасыгача сыйыр куйрук кылып жүгөрүпсүң;* **сыйыр тил** *зам.* тоонун күңгөй бетине чыгып, уй тилиндей жалбырак алып өсө турган өсүмдүктүн аты; *караталдай бовой өлө* (окшошпой кал)*, оно сыйыр тил;* **сыйыр эмчек** *батк.* ичке, сүйрү жалбырак алып, жерге жабышып өскөн, өзөк – сабак чыгарбаган өсүмдүктүн аты; *Жер – Үңкүргө баратканда сыйыр эмчекти көрсөтөм, о какырга өсө берет*; **сыйыр суw ичкиче, музоw муз жалайт** энеси козголгуча, баласы колунан келгенин жөндөп турат; **кысыр сыйыр көп бакырат** *жерг.* баласыз аял бакырчаак (бул туюнтманын өтмө мааниси азыр эскирип калды); **сүтсүз сыйыр сүзөгөч** *лейл.* туяксыз аял заардуу (бул туюнтманын да өтмө мааниси азыр эскирип калды); **сыйырдын сүтү саанчынын колуда** *лейл.* мал баккандыкы; **башка жерде кәттә сыйыр да торпок** үйдөн чыксаң мусапырсын; **сүт бервеген сыйыр катык мөwрөйт** (какшык) *жерг.* **сыйлаганды сыйыр билбес, сылаганды кыңыр билбес** сезими болбосо, жөндү таап биле алабы?; **бир бир сыйырга да суw керек көп сыйырга да суw керек** зарыл нерсе кимге болсо да зарыл**; бир деген эки эмес, эчки дегениң сыйыр эмес** ар нерсенин өз жөнү бар; **сыйырды сыйласа, тулпар тuwбайт** ар иштин жөнү ар башка.

СЫЙЫРТМАК *жерг.* амалкөй, куу; *кырдын кызыл сыйыртмак түлкүсү.*

СЫЙЫРХАНА *зам.* уйкана; *сыйырхана, койхана салынды.*

СЫЙЫТКЫЛА *батк.* баш паанала; *кәмәргә сыйыткылап отурдук.*

СЫЙЫТ I *зам., эск.* өлүккө карай бир нече адам катар тизилип, колдоруна таяк алып, таяктын башына бет аарчыны кошо камтый кармап өкүрүп туруу көрүнүшү; *сыйытта жигәрим ой – әкәм ой дешеттер.*

СЫЙЫТ II *өзг.* жандатуу, кыйытуу; *сыйытып сүйлөп жүр.*

СЫК I *батк.* кебеп бышыра турган шиш, темир; *бир сык кәвәп берчи.*

СЫК II *өзг.* бутак – сутактуу келген дөңгөч, устун; *илгери сыкка күнөйү бар адамды отургузуп кыйнаган* (бул көрүнүш такыр жоюлган); **сык мәлә** *батк.* маланын бутак – сутактуу караган, бадал, тал. ж.б. жасалган түрү; *жер оwрураак болсо, ого сык мәлә салыш керек.*

СЫК III *батк.* сыюу; *эчкинин башы сыкпаган жерде калыптыр.*

СЫКМА *жерг.* 1. мылтыктын патронун сыгып тарыта турган буюм; 2. *батк.* өрүктүн сөөгүн сыгып таштап, анын ордуна данек салып же салбай эле кургаткандагысы; *өрүктөн сыкма жасайвыз, шондо колум сыйрык богон.*

СЫКМАК *түшт.* жанчылып

сыгыла турган нерсе; *сыкмагын алсаң, сыйыткылабай берип койуң.*

СЫКМАЛ *суз.* жаңгактын маңызын жанчып, сыгып алгандан кийинки калдыгы; *сыкмалды уйга же койго берет.*

СЫЛ I *лейл., батк., жерг.* 1. сүзөк, учук, зил оорусу; *өпкө кавыргага жавышып оwруса, сыл болот;* 2. айыкпас дартка учурагандык; *сен кылдың онун башыны сыл.*

СЫЛ II *түп.* күчкө салгандык, күчтөп алгандык; *сыртпык сылга салып алды.*

СЫЛАМА I *чүй, атб.* 1. шуудурак, жып – жылмакай; *сылама живек бир өңчөй:* 2. *тал.* тамекинин жалбырактары таза бышкан жакшы сорту, түрү; *тамекинин эң биринчиси – сылама, экинчиси – сары, үчүнчүсү – көк.*

СЫЛАМА II *тторо.* куш, бүркүттү жемсөөсүн көп толтурбай, өлчөө менен берип таптоо жолу; *сылама кылып таптагам, сүрдөөндө күчөп уча берет.*

СЫЛАМАЙ *тал.* беш таш ойнундагы алтынчы илик; *бешинчи иликтен кийин сыламай.*

СЫЛАН I *батк.* 1. сылаңкороз; *сылан болуп кетпе, жасанып;* 2. түп. түз, керилген; *балаң да сылан, өзүң да сылан экенсиң.*

СЫЛАН II *батк.* балдай таттуу; *жаттым тынч, жаздыгым биринчи, тилим сылан, тилегеним ыйман.*

СЫЛАН III *чүй, батк., суз., зам., өзг.* 1. жибек жоолук; *магазинге сылан жоолуктар түшүптүр;* 2. жука үлбүрөк кездеме; *ботом, түзүк эде бирдеме бервейви, сылан бериптир.*

СЫЛАҢКЫ *тал.* сулуу; *сылаңкы келин ойсоктойт.*

СЫЛВЫР *түп.* чыйрак, бүйрө; *тың неме, сылвыр неме.*

СЫЛЖЫ *жерг.* тез, көз ачып – жумганча бир жакка жок болуп кетүү; *онуң сылжып кеткен го, көрүнбөйт.*

СЫЛЖЫЙ *ал.* катуу жорго салдыруу; *тор жорго минип сылжыйып тосуп чыксам кантесиң?*

СЫЛЖЫМА *жерг.* чайкама; *сылжыма жорго сылжытат.*

СЫЛЖЫТ *батк.* жылжытуу; *сылжытып – сылжытып кетти дейт.*

СЫЛЖЫТМА *ар.* бызгып жоргологондук; *сылжытма жорго чыгарган.*

СЫЛКА *лейл.* үлгү, нуска; *нәприрәч жүл гилемдин сылкасы болот.*

СЫЛКАЛУW *лейл.* үлгүлүү; *әдәл баканы сылкалуw.*

СЫЛКАЧЫ *лейл.* нускачы; *ол сылкачы адам бадырак кантыдан бөлүп берди.*

СЫЛОW *лейл.* саргыч; сары ала; *сылоw кой экен, сылан топу кийген бала әйдәп алыптыр.*

СЫЛООЧ *өзг.* беш таш ойнунда утулган жакты жазалоонун бир түрү (мында таштарга "токмок, аймооч шыпыргы, чымчуур, сылооч" деп ат коюп, ошолордун кайсынысы өйдө ыргытып, колго токтобой жерге түшсө, ошол жаза берилет).

СЫЛЫК *ноок.* жылмакай; *сыпсылык таш экен, дувакөйүм энем ой десең дә жыгыласың.*

СЫМ: сым мылтык *батк.* суу мылтык; *илгери сым мылтык кылып атчуw эдек.*

СЫМАГАЧ *зам.* столба; *сымагачка тийсин деп таш ыргытпа.*

СЫМАЛЫ *чүй, тал.* сыяктуу; *чөңкө сымалы идиш экен.*

СЫМДАКА *зам.* эшик алдындагы кийим илгич; *эшик алды сымдака, вой – вой девей илип жүтөр.*

СЫМДӘРТ *жерг.* уйдун буту аксап ооруган оорусу; *сымдәрт богон сыйыр араң басат.*

СЫМКЕЧ *тторо.* устачылыкта колдонула турган майда – майда тешиктүү жалпак темир буюм; *сымкечтин тешиктери утуру кичине боло берет.*

СЫМОW *лейл.* кызгылт саргычыраак түстөгү өң; (көбүнчө койго, анын жүнүнө, ошондой жүндөн жасалган чепкенге карата айтылат); *сымоw койду карап тур, тywатkан ле.*

СЫМЧУWУР *тал.* чымчуур; *бакан тамганы сымчуwур менен басчу бекен?*

СЫМЫРАН *тал., сейр.* бирөөнү жекирип какшыктаганда айтылчу сөз; *аай, жеңем аа, сымыран баскыр деп, мени жериме жеткирет дэ.*

СЫНАГДА *батк.* сынаакы; *шул ортодон эде сынагда сыйыр ал.*

СЫНАЙ *жжол., тал.* сулууча тартып сынга кирүү; *жылмакай тартып сынайып алыптыр.*

СЫНАКЕЙ *нар.* сын койгон, сын берген адам; *боз үй тиктирип, сынакейлер күлүктөрдү сынашат.*

СЫНАРЛА *чатк.* абдан бекемдеп, бышыктап тапшыруу; *сынарлап жатып уйаданы көрсөт деди.*

СЫНАСАП *батк.* түгөнгөндүк, жок болгондук; *пулдун бээрини сынасап кылды.*

СЫНБОЗ *кочк.* ээр – жүгөн, көмөлдүрүк, басмайыл – куюшкан, камчы ж.б. түшүрүлгөн кооз өрүм, жука калай жасалга; *сынбозду чыгаан чеберлер билет* ("сымпооч" болуп да айтылат).

СЫНБОЗДО *кочк.* ээр турмандарга «сынбоз» салуу; камчынын өрүмүн сынбоздойт ("сымпочто" болуп да айтылат).

СЫНДАЙ *пам.* кооз, көркөм, татынакай сулуулук; *менин жакшы көргөн сындайым.*

СЫНДУW *жерг.* сүрдүү; *мылтыкты сындуw көрсөткөн ичидеги оглору.*

СЫНДЫЛ *жжол.* мурунку кездеги товардын аты; *сындыл бекен? кара сынына* (сырткы көрүнүш, кебете – келбет) *жарашат бекен?*

СЫНДЫР: кыркын сындыр *жерг.* өлгөн адамдын кыркын берүү; *канатыдан кайрылып, жүрөгүдөн айрылып, кыркыны сындырат.*

СЫНДЫРМА *чүй.* жатын жагы бүктөлүп октолуучу кош ооз мылтык; *бис сындырма десек, алар бүктөмө, омкормо дешет экен.*

СЫНДЫРМАК *пам.* жаңылмач; *тили таза (акылдуу) тил сындырмакты айта берет.*

СЫНДЫРЫК I *атб.* териге (тердик, кур ж.б.) кооздук түшүрөрдө колдонула турган аспап; *сындырыкты ысытып, анан териге басат.*

СЫНДЫРЫК II *ал.* сөзгө сынып уят болгондук; *жигирмэ беш мүчөлүң, мүчөлүңдө бүктөлдүң дей әйәй, сындырык болду.*

СЫНЖА *жжол.* күм – жам кылуу; *жыйырма кекиликти сынжа дептир.*

СЫНЖАП *батк.* дал; *сынжап болуп катып калыптыр.*

СЫНЖОW *жерг.* иттин дүрөгөй деген тукуму менен тайгандын ортосунан чыккан аргыны; *супай салып таң атканда сынжоwу менен тоwго жөнөдүлөр.*

СЫНЖЫР *тал.* чынжыр; *оймо ала бакандын жанында сынжыр жатат.*

СЫНМА *ыск., кочк.* жыш капталган котур; *уруш маалында сынма котур да күчөгөн болчу, эми алардын дайны жок соолду.*

СЫНСЫЙА *жерг.* кебете – кепшир; түр – түспөлү; *сынсыйагы кол менен чевердеп жасагандай.*

СЫНТАРАЖ *өзг.* аттын туягын тегиздеп турган иймекей, мизи курч курал; *сынтараж ороного окшош*

курал ("сынтарач, сынтараш" болуп да айтылат).

СЫНТАШ *жерг.* мрамор; *ону сынташ дейт, сүрөткананын жанындагыны.*

СЫНЧ I *суз., тторо.* там үй "голек" менен саларда адегенде кайчылаштырылып же жөн эле тике бекитилген тирөөч жыгачтар; *сынч үй бекем болот* (ошол сынчтардын арасына кийин "голек, гувелек, гыш" коюлуп көтөрүлөт); *лейл.* тамдын кырына коюлган узун төрт кыр жыгач; *биздин сынч да ай көрүнөт көзүмө* (мындай "сынчтан" бирөө коюлган үй "жөкө сынч", кабаттай алга жүткүнтө коюлса "кош сынч", ал эми фундаменттин үстүнө коюлганы " тэк сынч", "пайранын" үстүндөгүсү "жан сынч" деп аталат).

СЫНЧ II *суз.* жыш; *бак өтө сынч тигилиптир.*

СЫНЫШ *батк.* бүркөлүп кайра ачылуу; *эрте менен күн сынышып кетет окшойт кызарып отурду.*

СЫПСЫЙДАМ *батк.* таптакыр; *сыпсыйдам билвей векен?*

СЫПСЫЙНӘ *батк.* жылмакай; *белге оролгон чөптү окувчулар сыпсыйнә кып овруп тәштәшиптирләр.*

СЫПСЫЙПЫЛ *тторо.* тыптыйпыл; *шырдамалды сыпсыйпыл кылвасын.*

СЫПСЫЛЫК *лейл.* жыпжылма; *сыңар ийин ойуму* (көчөттүн аты) *сыпсылык.*

СЫПЫР *жерг.* шыпыруу; *үйдү сыпырып кой.*

СЫПЫРГЫЧ *жерг.* шыпыргыч; *"айалдув өмүр–гүл, айалсыз өмүр–гөр" дейт, колуда сыпыргычы бар;* **эшэн сыпыргыч** узун болуп, колго айдалып өсө турган өсүмдүктүн аты; *эшэн сыпыргычты сынч дувалга жөлөп кой.*

СЫР I *лейл.* 1. бувак; *отко (чөпкө) сыр туруп, мал жакшы жевей калыптыр;* 2. *пам.* аяз; *сув сайда жадэн даршып, сыр түштү.*

СЫР II: сыр күрүч *чүй.* мыкты, кооз, чыгаан; *биздин үйдө бир килем, түрдув түстүв сыр килем* (таб. кооз идиш).

СЫР III: **сыр күрүч** сүткө бышырылган ботко; *кайчы сысыкты бүтөрүң менен сыр күрүчке кириш.*

СЫРАК *батк.* мүнөзү катуу, кырс, ачуулуу адам; *сыр жоргону сылжытпаган сырак да ол.*

СЫРАКТУВ *батк.* кырс мүнөздүү, ачуулуу; *ону сырактув дешет өл.*

СЫРАЛАҢДАТ *акт.* сыраңдатуу; *бутун сыралаңдатып тепкилеп ойноп жатат.*

СЫРГА I *лейл.* иймек; *Сырдын бойуну жәйләп жүрүп сырга бергем.*

СЫРГА II *тал.* кой – эчкинин мойну же кулагында табийгый түрдө жолугуучу тоголок; *ак улактын эки сыргасы бар;* **алды сырга** *батк.* малдын кулагынын алдына тоголок түрүндө салынган эн; *тил билги, тил билгинин таза тили, алды сырга энди салынбайт;* **алды оймо аркасы сырга** кулактын алды кыйгач тилинип, аркасы жарым оюк кылып салынган эн; *алды оймо аркасы сырга эни барды совдалайт;* **учу ген аркасы сырга** кулактын учу жарым оюлуп, арты кыйгач иймек сымал салынган эн; **жалгыз сырга** *батк., эск.* малдын кулагына үстүнөн кыйгачыраак тилинип салынган эн; *биздин эн жалгыз сырга эле* (азыр бул эч колдонулбайт); **кулак сырга** *суз.* кулакка тагыла турган кичинекей жалпак сөйкө (кээ бир жерде "сөйкө" менен "сырга" эки башка ажыратылат. Сырга кичинекей тоголок болсо, сөйкө сүйрү, жалпак, чоң болот); **сырга той** *жерг., эск.* жуучулар адеп келип, сеп бүтүп, кыздын кулагына сөйкө салганда

өткөрүлүүчү шаан – шөкөт; *ону сырга той дейт* (бул тойдо жуучулар кызга карата бүтүндөй кийим – кече, кудаларга сарпайы кийгизет. Союш болот. Жуучулардын ийинине ун себилет. Кыздын ата – энелери да жуучуларга сарпайы кийгизет. Мындан бир канча убакыт өткөндөн кийин айттик өткөрүлөт. Азыр бул көрүнүштөр эскирген); **сыргам сынбайт** *дың этип койбойм.*

СЫРГАЛАН *батк.* сыйгалануу; тайгалануу; *сырагаланып кетпегенини караң.*

СЫРДА *жерг.* кымкап чапандын сыртын саймалап кооздоо; *гәә вакта тиллә менен сырдаттар.*

СЫРДАЙ I *чүй.* кур, жөн; *сырдай эле келиптир.*

СЫРДАЙ II *ал.* тыптыйпыл; *сырдай жалаңач кавасын о бала.*

СЫРДАН *жерг.* амалкөй; *сырдан киши экен, сыкка сәйип көш бере койду.*

СЫРДООЛ *түнд., эск.* илгери жоо менен беттешер алдында кагыла турган барабан (инструмент); *сүй келсин, сүй келбесин, өзү билсин деп сырдоол каккан дешет* (азыр мындай нерсе учурабайт).

СЫРКӘРДӘ *өзг.* сырдаш; *сырдуw кәсә, сырдуw кашык берген сыркәрдәм эде.*

СЫРКОЙИ *лейл.* жүзүмдүн ачуу сорту; *сыркойини көп жесең, тилиңди жарып жүгөрөт.*

СЫРКЫНДЫ *батк.* саркынды; *жаандын сыркындылары чогулуп булак болду.*

СЫРЛАМА *жерг.* сырдалып кооздолгондук; *күмүштөн супа сырлама, так болойун, дилгирим.*

СЫРЛАН *лейл.* бубактануу; *ак шувак сырданып турат.*

СЫРЛУW *лейл.* бубактуу; *аталганын үстү сырлуw экен, сүртүп алың.*

СЫРМАК I *суз.* 1. күрүчтүн сынып калган майдасы; *шалынын данынан сырмак аз чыкты*; 2. сүзмөнүн чаначтын түбүндөгү калдыгы; *сүзмөнүн сырмагы ашка татыйбы?*

СЫРМАК II *пам.* окшош; *сым тарткыч сырмак экен.*

СЫРОW: **жара – сырow** *жерг.* жара – жура; *сыныктын ортосуга кесек койуп жүрүп, колум жара – сырow болду.*

СЫРОWТАЛ *жерг.* сыңар, жаңгыз; *сыромтал койум бар, сол кулагынын алды ойук, он кулагынын алды сырга.*

СЫРПА *жерг.* супура; *сырпа төрт койдун терисинен тигилет* ("сыпыра" болуп да айтылат).

СЫРТКАНА *жам.* келишимдүү, сырткы бой түзүлүш; *бой кийимиң жарашкан сыртканаңдан, Сувсарым.*

СЫРТТА *алк.* башка да, тышкары; *чоң пийәлә дегенден сыртта, тавак дегенди да айтат.*

СЫРТТАН *чүй.* кумдуу жерде өсө турган, тамыры бир эки метр келген өсүмдүктүн бир түрү; *сырттан деген чөптү жемге аралаштырса болот.*

СЫРХ *жерг.* кызыл; *сырх көйнөгүңдү кий.*

СЫРЫКТЫР *батк.* сарыктыруу; *оромолду бойокко салгандан кийин сырыктырыш керек.*

СЫШАҢ *батк.* шынаа; *тешенин башыга сышаа кагып койчу.*

СЭЭР *жерг.* 1. бел омуртка; арка сөөк; 2. *батк.* тердиктин аттын капталына туштан келген жери; *аттын сээри жыртылып калыптыр го*; 3. *пам.* аттын жону; *аттын сээри жоон экен*; **жетим сээр** эң аяккы бел омуртка.

– Т –

ТА *лейл.* тээ; *галдур-гүлдур жаргагым та өлгүчөм көрвөдүм* (таб. кулак).

ТАА I *өзг., сейр.* тоо; *таада азуувлу арстандар жүрөт.*

ТАА II *алб.* кейип, өкүнүп калгандыкты билдирүүчү сырдык сөз; *таа, достум суравасаңыз болот эле, сурагандан кийин алың.*

ТААВЕТ *жжол.* нысап; *Султанбек жетимиш алтыда, таавети бар киши.*

ТААВЕТТҮҮ *жжол.* нысаптуу; *тааветтүү кишини коноктосо болот.*

ТААЖЫ *суз.* гүлдүн ачылган желекчеси; *гүлдү карачы, таажысыны кандай желвиретет.*

ТААКЫ I *батк.* даакы; *таакы эде дең, тириктей әйдәп жүтөргөм дең.*

ТААКЫ II *батк., өзг.* коондун кабыгы калың, өңү сары, тору кап түрү; *эки тепти* (оюндун аты) *ойнop келишип, таакы жеп отураттар.*

ТААКЫ III *ноок.* маңыз, эзме; *бәләәни йәм түшүнбөгөн таакы экенсиң дә.*

ТААКЫЙ *атб.* эшектин баласы; *эшектин баласын таакый же такый деп койовуз.*

ТААЛЫБӨК *кочк.* чүкө ойнунда «чур» кармаган киши ашыктарды калчаардан мурда айтылчу сөз; *таалыбөк деп калчайт* ("таалычиге" болуп да айтылат).

ТААМЫЛ *батк.* жорук, жол, адат; *биздин таамылывыз шондой, гәп айтуwга таакатым бовойт.*

ТААН *акт.* кой жей турган чөптүн бир түрүнүн аты; *быйт-быйт кепшеген сайын таан, сарымсак гүлдүн жыты укмуш чыгат.*

ТААНАВУЛ *пам.* 1. тээ, тетигил; *таанавул жотолору жонгондой, жонун сылап койгондой ким?*; 2. а береги; *таанавул эстене авай жатканды бери качыр.*

ТААНАЙ *лейл.* жанды койбой кыйноо; *жан алгычтай таанайат, онон ол тиренчээкке жөлөнүп калды.*

ТААНДЫКТА *тал.* таандык кылуу; *терисин мага таандыктады.*

ТААНОWУЗ *өзг., суз.* усталар колдоно турган кичине жаактуу аспаптын аты; *тааноwуз менен сым тарткычты бери алып кой.*

ТААНЫШТЫК *жерг.* күсөп келип кабар бергендик; *кызды алдыга келип, тааныштык берет.*

ТААП *түшт., эск.* табып; *тааптын эң жакшысы – вакыт* (азыр бул көрүнүш эскирген).

ТААПТА *жерг.* табып кылуу; *кәл таап болсо өз башыны тааптасын.*

ТААР I *пам.* саканы эки тамандан ашыра атышып ойногон чүкө ойну; *таарды оңор ойновойт.*

ТААР II *ноок.* жүкөн, өрмөк; *саакасын өк-өк деп өкчөп, таардын жанына отурат.*

ТААРВАН *жерг.* 1. жерге тарсылдап урунуп үн чыгарган нерсе; 2. *тал.* бешик; *тапа-тупа тааруан, уктап жаткан мээрван, эки чанач азыгы, артында бар казыгы* (таб. бешик, бала, эмчек, шимек).

ТААРДАК *лейл.* жапайы айбан; *талаадагы таардак, таар ала маардак.*

ТААРТМАК *ал., пам.* тырмоок; *агай, ол таартмакты маңа берип койуң* (таармак болуп да айтылат).

ТААРЧЫ *жерг.* таар соккон аял; *таарчыга көwнүнөн чыкканыны: мәйли пул, мәйли гөш берет.*

ТААРЫ I *тяньш.* бир кыйласы;

бир таары келди, бир таары келген жок.

ТААРЫ II *ноок.* колдоо; *дыйкан таарысын!* (бул сөз кырман убактысында кырман келген киши тарабынан эгинди жүктөп же каптап жаткан убакта "түшүм мол болсун" деген тилек менен аятылчу сөз).

ТААРЫ III *ноок.* 1. жер айдоо; *хожойу хыдыр, хызыр әләйи сәләм колдоп, жер таарый баштаган экен*; 2. чогултуу, жыйноо; эшегавашы (илгери айыл башкарган адам; азыр бул атоо эскирген, колдонулбайт); *мурахур, токсаваларды таарыптыр* (кийинки атоолор да эскирген); 3. *чүй.* иргөө, *талдоо; тойго келе тургандарды таарып кой*; 4. *батк.* тыбырчылоо; *чийистә аты таарып турат.*

ТААРЫГЫЧ *пам.* тырмоок; *чөп таарыгычты билвесе, онун тамылы кандай?*

ТААРЫК *баткч.* окуя; *тәшвиш кылва тувгандар таарык бизди козгоду.*

ТААРЫЛГА I *ал.* жаз мезгилинде кош айдап эгин себүү; *таймана таарылга ишке жарар веке?*

ТААРЫЛГА II *жерг.* аюу, жолборс өңдүү ири айбандарга мергенчилик кылгандык; *паң–паң эткен итини алып, тоwго таарылгага жөнөгөндөр.*

ТААРЫЛГА III *жерг.* тоого чыга турган өсүмдүктүн аты; *ит урушуну койуп таарылга терип ке.*

ТААРЫЛГА IV *батк.* атайын кесилип, тизилип даярдалган отун; *ит жыйыныны кувалаптир дә, таарылганы жийишип кой.*

ТААРЫН *батк.* жыйып – терип, таап чогултуу; *тапкан – таарынгандарыны бүт берет.*

ТААРЫНЧЫК *тал.* таарыныч; *жакшылап иштевейсиң да жүрөсүң – деп, таарынчык кылды.*

ТААТА *батк.* тай ата; *таатама сый бервесең, өткөзбөйт.*

ТАВА I *пам., суз., лейл., зам., жерг.* таа; *тава конуп, тава туруп калды*; 2. *суз., тал.* өкчөмөк ойну; *кел, үсмө жегенден кийин* (сүткө бышырылган камыр тамак) *тава ойнойвус.*

ТАВА II *батк.* 1. айдоо аянтынын такта – такта болуп бөлүнгөндөгүсү; *такта маладан кийин тава тартат*; 2. *жерг.* айдоо аянтына салынган майда арык; *зәмзәмдин сувун ичкенсип, тавама тава жүгүрдүлөр.*

ТАВА III *тал.* көмөч казан; *тавага салып нан бышырат* ("тава казан, таван" болуп да айтылат).

ТАВА IV *иск., сейр.* карай, көздөй; *малга тава бардым.*

ТАВААНАК *тяньш.* табаган; *таваанак кишиге айла болову?*

ТАВАГАНЧ *алб.* табаанак; *таваганч болсо да тәнәп пулун тава алвай койуптур.*

ТАВАДА *суз.* аяк кап; *тавадаңы койуп төшөк жыйдыга жөнө.*

ТАВАДАН I *батк.* эшиктин үстү жагындагы текче; *тавадаңга китеп жийип койуптур* ("тавдан" болуп да айтылат).

ТАВАДАН II *батк.* чүкө ойнунда бир чүкөнүн чик, экинчиси тик туруп калган учуру; *ол ашык тавадан турду.*

ТАВАК *ал., жерг., пам.* 1. үйлөнүү тоюнда күйөө тарапка кайындар жактан тартылган сый; *чөптү там башыга хову кылып койуп, онон тавакка бараттар;* 2. килем, туш кийизге тегерек, овал же квадрат, ромбу түрүндө түшүрүлгөн көчөт, оюунун аты; **кош тавак** *ал., эск.* үйүнөн тамак – аш бербеген кишиге кош табак менен тамак алпарып, уятка калтырып, эл алдында анын шагын сындыруу; *кош тавакты кадырга минген увагыда* (зоболосу

көтөрүлгөн кезде *бере веде?* (азыр мындай көрүнүш жок).

ТАВАКАП *баткч.* майда барат салуу үчүн териден саймаланып жасалган капчык; *жүндү тавакапка салып койдум.*

ТАВАЛАКЕЙ *түп.* чүкөнү өкчөп, таа конуп калса, талап ойноо; *келгиле тавалакей ойнойлу.*

ТАВАЛЖЫ *өзг.* эм кылуу; *тамакты тергеп тавалжыйт.*

ТАВАЛЛУД *жерг.* туулган, төрөлгөн; *сиздин таваллуд бодгон жылыңыз кайсы?*

ТАВАЛЛУДХОНА *жерг.* төрөт үйү; *эжем таваллудхонадан качан чыгат?*

ТАВАН I *лейл.* кир жуугуч идиш; *Көл–Жылгага барганда таваны чечилип түшүп каган экен.*

ТАВАН II *ал.* таан; *чөкө таван жазын–кышын жүрө верет.*

ТАВАН III *лейл.* доо; *таваныга кәттә эчкисини берди.*

ТАВАНААК *чүй.* табаган; *таваанак болсоң, бирдеме жасайсың да.*

ТАВАНАЙ *зам.* жайык, жалпак тегерек; *Кан–Жылгада таванай чечек өсөт деген экендер.*

ТАВАНДА *лейл.* доолоо; *ажырыны тавандап жүрөт.*

ТАВАНДУW *лейл.* доолуу; *әврәтини төгүп салса, тавандуw болор.*

ТАВАНДЫРЫК *тал.* боз үйдүн босого таягы; *жер тавандырыгын койуп, керегесин жай.*

ТАВАНКУН *зам.* ээге таандык; *жүрөк тумарды таванкунум деп алды.*

ТАВАНЧА *тал., чатк.* кичине көмөчтан; *тилме чокойду* (илгери чийки териден ийленип жасалган бут кийим, азыр бул жок, эскирген) *ыргытып ийип, таванчага уттулуптур.*

ТАВАНЧЫ *лейл.* доочу; *кошчу әйтәт ки, тавачы сени таппаса, саңа келет деп.*

ТАВАРА *лейл.* бара – бара, улам барган сайын; *тавара түшүнүп кетесиң жүрөк энди* (малдын кулагынын орто жерине жүрөкчө түрүндө салынган эн) *кандай салышты.*

ТАВАТ *жжол.* каалоо, ниет; *таватың болсо, нары калчап–бери өкчөп таа түшүр* (ишти онуна чыгар).

ТАВГЫ *батк.* так; *Үрүстөм ырчы чаар, чечек тавыг бар адам эде.*

ТАВЕЛ: тавел таш *суз., эск.* өлүктү мүрзөгө койгондо майда ташты чачып таштоо; *тавел таш бир миң болот.*

ТАВИР *тторо.* баян кылгандык; *көргөн түшүн тавир кылат.*

ТАВЛА *батк.* 1. кактоо, ысытуу; *отко ону тавлап келчи*; 2. бышыктоо, ырастоо; *ол өзүнүн гәвини тавлап жүрөт*; 3. кол кайруу; *ого колду тавлап көтөрбө.*

ТАВЛАМА I *батк.* шашпай жай сүйлөгөн; *өтө тавлама кыз болуптур.*

ТАВЛАМА II *батк.* кубулма; *не әйил, не кувушкан деп тавлама болду.*

ТАВЛАН *батк.* кубулуу; *мәгәзиндән аган бәнәрәс тавланып турат, саз экен.*

ТАВНЫ *зам.* таануу; *ону тавнып болову, койчу чертишпи* (күүнүн аты), *бовосо башкавы?*

ТАВСА *суз.* ченем, өлчөм; *ар иштин тавсасын бил.*

ТАВУ: бака таву *батк., лейл.* жергиликтүү өрүктүн бир түрү; *көзувуз кызардывы, бовосо жегивиз келдиви бака таву менен өрүк шаптолудан* (шабдалынын өрүк сымал майда түрү) *алдык.*

ТАВУW *жерг.* олжо – буйла; *тавуwлар алсаң бир нерсе, улей* (уул ээй).

ТАВУК *лейл.* эскиче тоок жылы; *менин жылым – тавук.*

ТАВЫ: тавы–такат *зам.* көңүл, ниет, дем; *шу ишке ич тавы–такаты боводуву?*

ТАВЫЛ *пам.* таандык; *эжежэн, шул балам сизге тавыл, өзүңүз менен кошо эргештире жүрүңүз.*

ТАВЫН I *батк.* 1. өз жакынына карай бөлүнгөндүк; *балдар тавын–тавын болуп жөнөдүлөр*; 2. *өзг.* жуук, жакын; *күзгө тавын болгондо күн жетип айы толгондо.*

ТАВЫН II *жумг.* баш ийгендик; тиешелүү болгондук; *Орто–Токой, Кетмалды кимге тавын жер эле.*

ТАВЫР *суз.* түзөң жер; *ол тавырда бир такак жатат.*

ТАВЫРКА *ноок.* байкоо; *эгиндин өсүмүн тавырка кылат.*

ТАВЫСКАН *пам.* коён; *узун куйрук сагызган, кыска куйрук тавыскан* ("тавыс" болуп да айтылат).

ТАВЫСТАН *пам.* жай саратан; *тавыстанда кыл тавыпка кезиккен эде.*

ТАВЫШ *пам.* жакын санаалаш болуу, сырдашуу, көңүлдөшүү; *нойгут чапан берип* (эч жеринен кайылбай эндей тышталган чапан) *тавышаттар.*

ТАВЫШМАН *лейл.* табышкер; *өтө тавышман киши экен.*

ТАГА *пам., жерг., түшт., зам., жум., акт., ттороо.* 1. таяке; *эне өлгөндөн кийин тага издейби? Ата өлгөндөн кийин ага издегейби?*; 2. жалпы эле эненин төркүн жагы; *олор маңа жалпы тага болот*; **әмәки тага** *пам.* энеси менен алыс туутанчылыгы бар таяке; *әмәки тагамдыкына барам*; **түп тага** *жерг.* түпкү таяке; *бул түп тагаң*; **тага бача** *батк.* таякенин баласы; *тага бача дейт*; **тага тавак** *эск.* ника тоюнда таякелер тарабынан күйөө балага тартылуучу сый тамак (илгери бул үчүн күйөө бала тыйын чачкан; азыр бул көрүнүш эскирген); ◊ **бөдөнөңү бөлө кылат, тартарды тага кылат** *жерг.* жасакерленет.

ТАГАГАНЧ *алб.* тагаанак; *тагаганч ай, оwуздон чалынсаң жатасың, буттан чалынсаң турасың.*

ТАГАЙ I *батк.* далынын четиндеги кемирчеги; *тагасы бар тагай жевейт* (эл ичинде эмнегедир таякелүү адамга ал кемирчекти беришкен эмес, берсе – ал таякесинен ажырайт имиш деп эсептешкен).

ТАГАЙ II *батк.* жаш баланын кулак түбү кесилип, сууланган оорусу; *тагайга илгери тагасынын малынын канынан сүрткөн* (бул көрүнүш азыр эскирген).

ТАГАЙ III: тагай–түгөй *жерг.* тап – тап; *тагай–түгөй тавышмак, көлдө жатып көгүшмөк, көөп жатып өвүшмөк* (таб. күзгү).

ТАГАЙЕК *лейл.* далынын кемирчеги; *тагайекти жесе, тагасы не болот?*

ТАГАЙЫН *батк.* таяке; *жерде жээн, ташта тагайын бар.*

ТАГАЛА *түшт., пам., жерг.* таякелөө; *талдырма менен алай кийизин алып тагалап калды.*

ТАГАШ *батк.* таякеге эркелеп же мыскылдап кайрылганда колдонулчу сөз; *коркконуга караганда онун тагашы келди.*

ТАГМАН *ноок.* тамактын бир түрү; *шо тагман–шо тагман, муздак суw муздак суw.*

ТАГЫЛЫК *жерг.* тоо тарапта жашаган адам; *барарда чәрә–чәрә, жокто отурасың бечәрә девей, тагылыкка жөнөң* ("таглык" болуп да айтылат).

ТАГЫН *жерг.* дагы; *ону май куйуп тагын жасылайттар.*

ТАГЫНЧААК *пам.* бир нерсени

моюнга тагынууну жакшы көрүп үйрөнгөндүк; *ала мончок тагынчаак; менин койум алынчаак.*

ТАГЫРА *түшт.* 1. ак алюминийден жасалган илеген (кир жуулат); *тагыраны алып келчи, Алмазды киринтейин*; 2. чара; *тагырага ун сал*; 3. **тагыра чырак** фонарь; *тагыра чыракты башыга тартавы?* (эмне кылмак эле).

ТАЖАН *ал., жерг., батк.* 1. тажоо; *ол ырадагандан тажанбайвы?*; 2. тажаалдануу; *жүрөк токоч* (мурунку учурда жүрөк түспөлүндө коргошун куюп, аны жүрөгү түшкөн баланын мойнуна илип койгондогусу; азыр бул көрүнүш жок) *кылвайвысың деп тажанган экен.*

ТАЖАҢ *ал., жерг., батк.* 1. тажаал; *сен эмне мунчалык тажаң болдуң?* ("тажан" болуп да айтылат); 2. ачуу, каар; *кан чыгарywда* (ашар болгон кезде мал союп элге тамак берүү) *тажаңы чыгып кетти.*

ТАЖООР *түшт.* териден жасалган идиштин аты; *чечен мәкәни* (жүгөрүнүн сабагы жоон, өзөгү узун, жалбырагы калың, сөңгөгү чоң дандын түрү) *тажоорго салса болову?*

ТАЖООС *батк.* уяңдык; *тажоос кылып айта алваптыр.*

ТАЖЫКОРООЗ *лейл.* гүлдүү өсүмдүктүн аты; *тажыкорооз үзөт эдек.*

ТАЗ *пам.* куру алакан калгандык; *таз калса, ирәсә болот эде, оо, бетаалай, әә!*

ТАЗМАЛ *лейл.* утюг; *кан әтләскә йәм тазмал кәрек болову?*

ТАЗМАЛДА *лейл.* үтүктөө; *эже, маңа әнөwдү алып бериң, тазмалдап койойун.*

ТАЗТАВАК *жерг.* чоң жез табак; *тазтавактан тәәм жеди.*

ТАЗЫ *суз.* эрүү, мемирөө; *куwдун ырғагыга тазып баратат.*

ТАЗЫК *кем.* буйдалбоо; *талантың тазыкпай өсө берсин.*

ТАЗЫЛ: үзүл–тазыл *сүл.* үзүл–кесил; *кээси үзүл–тазыл уланып жатат.*

ТАЙ I *жерг., пам., жжол., тал.* 1. ныкталып, төрт чарчыланып таңылган таңгак (кездеме, жүк, чөп, тамеки ж.б.); *тайы бузулбай жатат*; **тай кылып бәйлә** престеп таңгактоо; 2. *пам.* 16кг. өлчөмүндөгү оордук; *илиңчеге канча тай батат?*

ТАЙ II *батк.* жол балага карата эркелетүү маанисинде айтылчу сөз; *әә, тай, балдар менен ойноводуңбу?*; **тай балдар** жаш балдар.

ТАЙ III *батк.* чүчү кулак; *тай кармавасак, ойун баштавайт.*

ТАЙ IV *кем.* тен; *эч ким тай келбейт*; *тайыңды таап ойно.*

ТАЙ V *карс.* кылкандоо; *алтын гүрөк Чүйдүн эгини кылкан тайгандыр?*

ТАЙА *жжол.* кушка жайылган тордун бурч – бурчтарын керип туруучу чыбык; *төрт тайасы бар эле ургаачы камышты* (ичи көндөй камыш) *аралап жөнөп берди.*

ТАЙАГА *батк.* таяке; *тайата, тайагалары келип калат.*

ТАЙАМ: тыным–тайамсыз *жжол.* эч тынбай; *тыным–тайамсыз алыстан ышкырат.*

ТАЙАНАКЕЙ *кочк.* чүкө ойнунда саканын же чүкөнүн учкан ордуна жер таянып кол созуу; *таянакейди чүкөнү коштоп урганда колдонот.*

ТАЙАЙЧЫК *атб.* боз үйдүн кереге аягы; *керегенин тайанчыгын бек бекит* (кээде ал "тайаныч" деп да аталат).

ТАЙГАК *акт.* мүдүрүлчөөк; *жорго кулун тайгак болвосун*; **келин тайгак** *атб. эск.* аңчылар жасай турган таттуу тамактын бир түрү; *келин тайгак жегиликтүү келет* (азыр мындай көрүнүш эскирген).

ТАЙГАКТА *суз.* тайгалануу; *кол майак (балдак) бовосо тайгактап да кетет.*

ТАЙГАН: **тулку–тайган** *өзг.* жашырынып, кубалашып ойноп турган оюндун аты; *тулку–тайганды жаш балдар ойношот.*

ТАЙГӨМӨЧ *жжол.* нандын жука бир түрү; *бир жерде тайгөмөч жеп отурсам, нар жактан айуw чыкты.*

ТАЙГҮЛҮК *ыск.* 1. тоо, адырдын боору менен таш кулатып ойногон балдардын ойну; *тайак чапмайдан көрө, жүргүлөчү, тайгүлүк ойнойлу*; 2. *күл.* жөө жарышып ойногондук; *тайгүлүктө буру–териси жок өсүп чыгып келди*; 3. *өтм.* бир аз эсире түшкөндүк; *эшиктин тээгин ыргыта ачып, тайгүлүк болуп калган көрүнөт.*

ТАЙГЫЛМАН *жумг.* тайгалак; *тайгылмандын тайгак ташы.*

ТАЙГЫЛЧАК *жерг.* 1. сыйгалак; *тандаган–тазга, тайгылган–музга, деп, тайгылчактан өтүп кеттим*; 2. *ноок.* жылгаяк; *чоң үлүш вактысыда деле тайгылчак атып ойнойвуз.*

ТАЙДА *түп.* такыр, түк; *ал иштин тайда тамтыгы каббай бүттү.*

ТАЙДУВАЛ *жерг.* дубалдын эң астыңкы бөлүгү*; иш – адамдын рахаты, тиш – тамактын рахаты, тайдувал – тамдын рахаты.*

ТАЙЕКЧИ *чүй, сейр.* дайекчи; *илгери бир тайекчи тес үртүк* (кажарыдан кооздолуп чачы чыгарылып жасалган ат жабуу) *алыптыр.*

ТАЙЕТ *алб.* чөбөгө; *Ак–Тамда биз ол майдын калганына тайет дейвиз.*

ТАЙКА *жерг.* таяке; *тайкам жолдон узун новда хада кесип алды.*

ТАЙКАЗАН *батк.* орто чоңдуктагы казандын түрү; *сайага үч тайказан асылды.*

ТАЙКАР I *батк.* 1. жаландап жагына берген; *өтө ле хәй бәрәкәллә дей берсе, тайкар болот*; 2. кыйды, кыра; *көп иштегенде тайкар болуп кетет дейт, чынбы?*

ТАЙКАР II *батк., өзг., ал.* эшектин бир жылдан ашып калган баласы; *кодиктен кәттәсин тайкар дейвиз* ("тайхар" болуп да айтылат).

ТАЙКЕСЕ *тал.* чоң аяк; *тайкесе менен бир кымыс ичтим.*

ТАЙКЫ *өзг.* 1. сүлөөсүндүн жүнү кыска, кара кочкул жылтылдак териси; *бәрәкәдә кийгени тайкы эде*; 2. *акт.* эскиче ыстампул товары; *күңгөйлүктөн тайкы таап келген.*

ТАЙЛА *жерг.* таңгактоо; *олордуу тайлап болуп, аш үйгө кийрип кет.*

ТАЙЛАК *ал., жерг.* тестиер бала; *эй, тайлак, чавып барып анавы кишини чыкырып кел*; **тайлак гилем** *ал.* чоң кооз согулган килемдин бир түрү; *илгери төwтө тайлак гилем жапчу эдек*; **тайлак тепти** *өзг.* канымдат ойнунда бутту артка кайрып, таманды тебүү жазасы; *шыдырга барсак, тайлак тепти ойноп жатыптыр*; **тайлак таманы** *лейл.* 1. «ашканакөчөт» деп аталган көчөттөгү тамандын элесин берген түрдүн аты; *тайлак таманды баспаса, кулагыны ысыта кой* (какыс – кокус кыл); 2. *ош.* палоо жеген мезгилде тамак жеп отургандар бири – бирине же жаңыдан келген бирөөгө беш салаанын учу менен күрүчтү кайра – кайра чоң ыктап, ошол ыкталган күрүчтү оозго салып, сугунтуусу (сугунган киши колдогу күрүчтү бүт бойдон оозуна алат, аны чачпай, какабай, чачпай чайнап жутуу керек. Ал шарттан жазылса, күлкү болот же жазык тартат. Тайлак таманды бир эле киши катардагы бир нече кишиге тарттырат же өз ара кезектешип да алдырат); *тайлак таман кылып беш–алты сугунду.*

ТАЙЛАЧЫК *суз.* кичинекей тайлак; *тайлачыгын кудагыйга берет.*

ТАЙЛАШ *жерг.* таймашуу; *экөw*

көпкө тайлашып, бирини бири жыга алвады.

ТАЙЛУW *батк.* кубаттуу; шалаң эмес, тайлуw адам; **тайлуw бээ** *пам. этн.* бир чоң, бир кичине аяк менен удаа тынбай кымыз ичүү адаты; *тайлуw бээни азыр аз ичет*; **тайлуw тайак** майда – чүйдө буюм – тайым; *тайлуw тайак калтырба.*

ТАЙПА I *зам.* ар кыл, ар түрдүү; *әзил гәптән тайпа – тайпа билет.*

ТАЙПА II *жерг.* улак тартканда көк бөрүнү эки буттун астына басып алуу ыгы; *улакты тайпа кылып бастым эде, ич нам тарта алвады.*

ТАЙПАК I *батк., эск.* илгери чокой сыяктантып, кончу жок жасалган бут кийим; *күнгөйгө тайпагын кийип чыгып кеген экен* ("тайпак чокой" деп да аталган).

ТАЙПАК II: түз тайпак *батк.* быт – чыт, тым – тыракай чыккандык; *калың тайпага ойлук кылып түз тайпак кывасын.*

ТАЙПАКЧА *ыск.* тоонун боорундагы өзөн – көлдүн жээгиндеги түзөңчө тайпаң жер; *биреги көлгө куйган тайпакчада отурат.*

ТАЙПАНА *тал.* тапан; *тайпана бала экен, чоң атадай сүйлөйт.*

ТАЙПАҢ *зам.* 1. тегиз жалпак; *онун бети тайпаңдан кеген сымак*; 2. жепен; *лачы – тавасы жок тайпаң экен*; **төw тайпаң** жайык, кең ачык талаа; *төw тайпаңдан күйкөнүн таганагыны көрүптүр.*

ТАЙПЫН *кочк.* 1. тайпа; *алты метир тайпыңга оройт*; 2. *ноок.* кепин; *тайпын – тавыт кылып койот.*

ТАЙПЫНДА *ноок.* кепиндөө; *өлгөн кишини тайпындайт.*

ТАЙРАВАН *зам.* тайрак – туйрак; *такыр – тукур тайраван, ичиндеги майраван* (таб. бешик, бала).

ТАЙРАКЕ *ыск.* тайраңдап эркелеген; *тайракеңдин тайракесин чыгарбасын бир күнү.*

ТАЙТАВАК *жерг., эск.* кешик түп; *тавып тайтавак ашыравы?* (азыр бул көрүнүш эскирген).

ТАЙТАЙЛАШ *жжол.* 1. бирдей, тепетең кармап күрөшүү; *көпкө чейин тайтайлашып жыгыша алвады;* 2. *суз.* тал – тал кылып өрүү; *чачыңыз айкалышат тайтайлашып.*

ТАЙТАК I *лейл.* эселек; *тайтак экенсиң, ыйлай берет экенсиң.*

ТАЙТАК II *зам.* түбү тайыз; *тайтак экен тавагың, такылдады тамагым.*

ТАЙТАКА *жерг.* кышкысын мергенчилер тоого тартынып алып чыгуучу тай туяк; *тайтака кийип, тоwго чыгат.*

ТАЙТАМАН *батк.* тайдын таманын элестеткен көчөттүн аты; *тайтаманды салам деп күйрукту өпкөгө алышпачы.*

ТАЙТАНА *батк.* чыкма ноопас; *ол торпок тайтана болуп зоройуптур.*

ТАЙТАҢ *батк.* эрке; *көп тайтаң бово, койон изини үйрөтпөй койом.*

ТАЙТУЙАК *батк.* ортосуна майда чыбыралакей салынган, жээгинде эки кат изи бар, алты кыр, үч бурч болуп токулган, согулган, сайылган түр, сайма; *тайтуйак кештелеген колуну сурап барат.*

ТАЙЧАЛАК *жерг., батк., ноок.* 1. кулун; *тайчалак онун үстүдөн ыргып өттү*; 2. алты айдан өтүп бир жашка чыгып калган тай; *Жерге – Талда тайчалак деп алты айдан өтсө да әйтәвиз* (бул мааниде кээде "кәлтә тай" деп да айтылат. "Жабагы" деген сөз колдонулбайт); 3. *өтм.* эркек жаш баланы эркелеткенде айтылуучу сырдык сөз; *тайчалагым ow – тайчалагым!* ("тайча" болуп да айтылат).

ТАЙЧУНАК *түп.* бээ сойгондо ичинен чыккан баласы; *тайчунак этин жеп, кара өзгөй күүсүн.*

ТАЙЫМА *тал., чатк.* дайыма;

тайыма самсун, астыракан тамекисин чийистә кылат.

ТАЙЫНЧА *жжол.* торпок; *тайынчага гез ән салып койолуву?*

ТАЙЫП *чүй.* тайпы; *тойвогон топорву, ак тайыпты көп алып эмне кылат?*

ТАЙЫШ *пам.* иренжүү; *тагдырым болсо бул малдан мен тайышпай барайын, буйругума карайын.*

ТАК I *батк.* шалынын тегиз баш алган учуру; *шалы так богондо оймок шаптолу* (шабдаалынын тегерек келген бир түрү) *пышавы?*

ТАК II: алчатак *жжол.* майда мөмөлүү жемиш өсүмдүктөрүнүн мөмөсүнөн идишке салынып эзилип, анан жука жайылып кургатылып жасала турган нерсе; *алчатакты ич өткөнгө, зарнага дары катары жейт.*

ТАК III *жерг.* 1. текче; *үйдүн тагъыны койуп койгула;* 2. подоконник; *китепти терезедеги такка апарып кой.*

ТАК IV *батк.* тоок конуучу жыгач; *казык кагып, так жасап кой.*

ТАКА *пам.* «ууруну тап» ойнундагы онунчу кишинин аты; *о, така, конушуңду үркүтүп әлвә.*

ТАКААЛ *батк.* такыгандык; *бир такаал кылып койсоң боло.*

ТАКААЛДА *батк.* такыкта; *такаалдап жанды койбойт ко бу?*

ТАКАВУР *жерг.* кыйык; *жаман такавур бала экенсиң девесин, ижелевей жүр.*

ТАКАК *ош* 1. бир нерсени жөлөп, такап коюучу буюм; *дарвазага такак койдум;* 2. *өтм.* жөлөк, колдоо; *колунда такагы болсо, көрөт эле;* 3. *тторо.* шынаа; *алкактын жанында такак жатат, алып койчу.*

ТАКАКТА *өзг.* 1. бир нерсени ичинен жыгач менен жөлөп бекитип коюу, *эшикти такактап кой;* 2. *батк.* жер таянып басуу, эмгектөө; *бала әдеп такактайт, онон басат.*

ТАКАЛА *жерг.* 1. катыра тамашалоо, сөз айткыс кылуу; *онавыны такала дос;* 2. көз тойгузуу; *көз такалап тын, бовосо така балканы* (бир жак башы тегерек жалпак келип, сабы экинчи баш жагындагы көзөнөккө өткөрүлгөн балканын түрү) *сындырасың;* 3. *чүй.* таштан – ташка секир; *таш такалай басасың, менден неге качасың?*

ТАКАН I *акт.* таканчык; *аттардын төрт таканы майышат жөн эле.*

ТАКАН II *акт.* татаал жерден арык алып өткөндө суу жеп кетпес үчүн коюлган таш, чырпык, чым ж.б. нерселер; *зооканын түвүн ойдурат такандарын койдурат.*

ТАКАНТ: тавы–такант *батк.* чыдам, пейил, тап, көңүл; *сени күтө берип тавы–такантым кавады.*

ТАКАНЧ *тал.* арабанын шатысына орнотулган казык; *араванын таканчы такандап турат.*

ТАКАТЕР *жжол.* табактын бир түрү; *такатерге атала куй, гәлдир десе.*

ТАКАШ I *жерг., батк.* жел туруп ооругандык; *такашка ак чәйирдин желими дәри дейт.*

ТАКАШ II *жерг., батк.* жел туруу; *далым такашып калыптыр.*

ТАКАШ III *батк.* өчөшүү, атаандашуу; *маңа такашып отуруп, ич иш кывай койво.*

ТАКАШКААК *жерг.* эрегишчээл; *такашкаак киши эде тай казандан* (орточо чондуктагы казан) *үчтү асты.*

ТАКАШМА *батк.* эки буту баймак; *тишиңди кычыгыда саксап* (тилиңди тартып) *төрт бурчуңду* (чакмак таш ойнунда таштарды төрт бурч кылып кылып чачып, анан ок таш менен чогуу жыйып алуу учуру) *ала вер.*

ТАКАШЧААК *жерг.* өчөшчөөк; *онун такашчаагы кармап отуруп авасын.*

ТАКАШТЫ *батк.* жапайы өсүмдүктүн бир түрү; *асманы кең да* (ташы өйдө кулаган неме да) *такашты менен напа талканга* (тарууну күйшөгөндө чыккан кабык – сабык, кыпын – сыпындары) *карай веде?*

ТАКЕТЕР *тал.* 1. желпирүүн жыгач табак; *күйгөйдөй көчүп баратып, бир такетерин түшүрүп салыптыр*; 2. *жжол.* катырма нан жасоочу буюмдун аты; *такетериң болбосо, нан жасавай каласыңбы, ит урушун салвачы.*

ТАКЕТМЕК *түнд.* балдар уй мүйүз тартып, ортосуна бирөө көзүн таңып отуруп, аны «так» эткизип башкалардын ичинен бирөө чекеге чертип, анан ал черткен баланы табууга тийиш болгон оюндун аты; *сары күңгөйдө отуруп такетмек ойночувус.*

ТАКИЛИК *сок.* сунуш; *менде бир такилик бар.*

ТАККӨЧӨТ *лейл.* чоң, кооз жасалган көчөттүн бир түрү; *таккөчөт салган килем бервесе, ормотойду* (най менен аткарылуучу күүнүн аты) *ойновойву?*

ТАМЫН *өзг.* ченем, чен, өлчөм; *көз–такмын, көз менен билсе болот.*

ТАКМЫНДА *жжол.* өлчөө, ченөө; *таалайымды такмындап салгандай.*

ТАКООР *чүй.* 1. бир нерсенин (мал, жандын) артынан чукул, жакын жүргөндүк; *ой сен артынан такоор баратпайт белең*; 2. демөөр, демөөрүн; *такоору болбосо, кантип иш бүтөр экен.*

ТАКӨӨР *ал.* короздун текөөрү; *короз үчкө чыккан, такөөрүн көрдүңбү?*

ТАКПАЙ *өзг.* үйдүн фундаменти; *такпайы сайдын таштары.*

ТАКРОР *жерг.* кайталоо; *дыйкан болсоң шидгәр кыл, окувчу болсо такрор кыл.*

ТАКСЫМ I *пам.* жаны чыгып бүткөндүк; *жаны таксым болду, тай тайлагы бош калды.*

ТАКСЫМ II *жерг., батк., зам.* тең кылып бөлгөндүк; *хәммәсигә биткеден таксым кылып бериң.*

ТАКСЫМДА *батк.* 1. бирдей кылып бөлүштүрүү; *бәәригә таксымдап бер*; 2. *жерг.* тал – талдап өрүү; *толмоч кыз чәчиң таксымда.*

ТАКСЫМЧА *жерг.* кичинекей тарелка; *бул таксымчага кант сал.*

ТАКТАЙ *пам.* малдын төшү; *аркардын тактайын кемирип*; ◊ **тактайга муштоw** мактануу.

ТАКТАЛЫК *тал.* тактайлуу; *ары тоw башы такталык, бери тоw башы такталык, ортосунда ак балык, казыгы, эки чанач азыгы* (таб. бешик, бала, шимек, эмчек).

ТАКТАТ *алб.* күнгө кактоо; *желенин башын сактаттың, соорусун күнгө тактаттың.*

ТАКТАЧА *чүй, тал., эск.* илгери кара кытай хандыгына баш ийген өкүмдарлардын куруна көз карандылыктын белгиси катары күмүштөн чөгөрүп алган нерсеси; *Горханга карагандык белгиси кылып тактача тагынып жүргүшкөн экен* (тарыхый кабарларга караганда, кара кытай бийлиги X – XII к. аралыгында болуп, Жети – Суунун күн жүрүшү, Кулжа тарап, Сыр – Дарыянын күн чыгышы караган. Борбору Иленин батышы Чүй боору болгон. Ордосу "госун" деп аталган. Хандын "горхан" деген титулу болгон. Ал бетин парда менен жаап жүргөн, ар түтүндөн салык алган делинет. Бул түшүнүк азыр эскирген).

ТАКТЕК I *атб. эск.* илгерки алты сайлуу мылтыктын бир түрү; *нак ушу жерден өсүмө тактекти көрсөткөн.*

ТАКТЕК II *суз.* кодура; *назар тийди өзүмө, темене тийди көзүмө, тактек арпа көрвөсөң, көрсөтөрмүн көзүңө.*

ТАКТОW *жжол.* камыр жайып кесүү үчүн атайын жасалган жылмакай тактайча буюм; *күймөнбөй эле кой, такта көчөтүң бүтөр, мага тактоwуңду берип тур.*

ТАКТУРА *ноок.* эки колду тик өйдө көтөрүп тургандык; *тактура жоргом бар – эки кулагы гез, сол кулактын алды ойук.*

ТАКТҮЙНӨК *батк.* жыйнап – терип чогултуп койгондук; *бардыгыны тактүйнөк кылып койдум.*

ТАКУР: **такур – тукур** *түшт.* тыктык (тууранды сөз; бешиктин термелишине карай айтылат); *такур – тукур этип терветет.*

ТАКЧА *түшт.* үйдүн ички бетине идиш – аяк, жууркан – төшөк коюу үчүн жасалган оюк (такча жасоо түштүк райондогу үйлөрдө кеңири тараган. Алар негизинен үч түрдүү жасалат. Анын эң чоңунун бийиктиги 110 – 150см., кеңдиги 80 – 90см., орточосунун бийиктиги 80 – 100см., кеңдиги 60 – 70см., кичинеси мындан да кичирээк болуп жасалат); **такча – бакча** текче – текче; *такча – бакча, ичи толгон акча* (таб. сомке); *бир такча, бир такчанын ичи жык мыкча* (таб. ширеңке); **такча тор** *ноок.* үйдүн ичиндеги жаздыктар жыйылуучу текчеге тартылуучу тор.

ТАКЧЫ *жерг.* 1. сары тал же өрүк жыгачынан жасалган тайпакай кичине табак; *тавагым тургай такчым жок, калайым тургай тактым жок, нан чайнарга тишим жок, өдө – төмөн жумшашка Нәйимдән башка кишим жок* (эски лакап сөз); 2. *пам.* пластинка; *Пурунзадан эки такчы ала келгин.*

ТАКЧЫЛА *батк.* такуу; *такчылавай, бас кылчы, болду энди, аппоо!*

ТАКШЫ *атб.* көздүн ачышып оорушу; *көзүм такшып ооруйт, алтындай болгон тактаны айавай карап отургансып.*

ТАКЫЙ I *өзг.* бирөөгө сөз бербеген, сөзгө жыгылбаган, сөзмөр; *сөзгө түшүргөн такый киши.*

ТАКЫЙ II *чүй, тяньш.* эшектин алты айдан өтүп калган баласы; *такый алып берсем, жоготуп живерве?*

ТАКЫЙА I: кара такыйа *тторо* тамыры көк жалпак келип, өнү кызгылт тарткан өсүмдүктүн аты; *кара такыйанын тамырын жанчып, ачык таш кошуп бойоо жасашат.*

ТАКЫЙА II *түшт., эск.* диндик окуудан баш тарткандык; *эшендердин такыйа деген жобосу болгон* (бул көрүнүш эскирип жоюлган).

ТАКЫК I *батк.* тыкыр; *такык жулуп салат, бовосо наз кылып тәктеле бовойт.*

ТАКЫК II *атб.* жетишпөө, дефицит; *издесе тавылбаган такык экен.*

ТАКЫЛ I *зам.* топ ойунун бир түрү; *такыл тепсе, кечке жүрөт.*

ТАКЫЛ II *чүй.* жайыт кубалоо, жайыт тандоо; *малдын жайытын такылып көчкөн.*

ТАКЫЛЕТ *суз.* жылдын төрт мезгили; *жай – жаз, күз – кыш төрт такылет аккан суw.*

ТАКЫЛЕТТИ *жерг., лейл.* сыяктуу окшош; *мөвә такылетти болот.*

ТАКЫМ I *баткч.* жүлүн; *дадәйовду* ("дария" менен кагылуучу күүнүн аты) *укмак турсун, такымы оwруп шого дәртисәр.*

ТАКЫМ II *жерг.* 1. көкө бөрүдө улакты эки такымга салып тартышуунун бир ыгы; *улакты такым кыгансып, кылычтын учуну тык кыгансып*; 2. *жерг.* «жүзүнүк» ойнунда ташты такымга кысып, анан "көздөрдү» айланып чыгуу кырдаалы; *жүзүнүктө такым дегени бар*; 3. *пам.* чикит ойнунда баласын такымга кысып, силке берип чабуу учуру; *дагай эле такымдан жыдыйсың*; **кош**

такым *жерг.* эки улакты көк бөрүнү эки жагынан алып, такымга басып тартып кетүү ыгы (кээде бул ык "найманча" деп да аталат).

ТАКЫМЧЫ I *батк.* улак тартканда улакты такымга кысып алып, башка бирөөлөргө оңой менен алдыра койбогон киши; *жүдә кыйын такымчы да ол* ("такымчыл" деп да айтылат).

ТАКЫМЧЫ II *жерг.* 1. бир сөздү кайра – кайра такып сурай бергендик; *эки кулактын алды оймо деп койсом, такымчы экен, сурай берди;* 2. шылдыңчыл; *өткөрүп сайма* (эки беттелип сайылган сайма) *кәштәләсә, такымчы неме күлүп бowру кавады.*

ТАКЫР I *жжол.* тор жайылган жер; *отунга барсаң такырга көз сала кел.*

ТАКЫР II *жерг.* сиңбей калгандык; *жегеним такыр болуп жүрөт.*

ТАКЫР III *жжол.* жөн, эп, ылайык; туура; *менин акылым такыр тават.*

ТАКЫР IV *ал.* ийри – муйру; *теректер бүт такыр өсүптүр.*

ТАКЫР V *суз.* кыйгыл; *чүчүк алма го жакшы, а такыр алмачы?*

ТАКЫРАҢ *жерг.* жылмакай; *такыраң ташта тәкә ойнойт, тәкә ойносо, жәкә ойнойт* (таб. тегирмендин ташы).

ТАКЫРЧАК чүй. так – так этип үн чыгарган нерсе; *кичинекей такырчак сүйкүмүмдү тирилдирет.*

ТАКЫРЧАҢ *зам.* кичине такыр жер; *такырчаң жерде таз ойноор* (таб. куюн).

ТАКЫРЧЫЛЫК *жжол., тал.* үзүмчүлүк; *илгери такырчылыкта да жашаган.*

ТАКЫШ *акт.* талыкшуу; *уйкусу качып, көзү такышты.*

ТАКЫШТЫР *батк.* такып суроо; такыштырып сурай берип, мээмди калта кылды.

ТАЛ I *жжол.* тузактын түймөгү; *он – он эки кылдан бөлүп түйөт, ал түймөк тал деп аталат.*

ТАЛ II *жерг., ал.* 1. талкалануу, кыйроо; *өлгөлү жүргөн сен жигит, талгалы жүргөн сен жигит алдыман чыкпа;* 2. *өзг.* соолуу; *мээ талды, такаштыны анан айтып бер.*

ТАЛА: тала – тала *батк.* таламай; *ысырыкты тала – тала кылдылар.*

ТАЛААГЕРЧИЛИК *батк.* талаачылык; *талаагерчиликте кыйналып кавасын, шәрмәндә бовойун десең жардам бер.*

ТАЛААЛА *батк.* кураштырып кооздоо; *кичине балага чапанды талаалап тигет* (ар түрдүү материалдардан энин эки элидей кылып кесип алып кураштырып жасаган чапан).

ТАЛААН *ал.* бүлгүн; *илгери талаан жылы тywулган.*

ТАЛАВА *жерг.* окуучу бала; *жардамга эки жүз талава келди.*

ТАЛАН *батк.* таланды; *бирөw ону талан кылса, сен онон алywчу бово.*

ТАЛАП I *ноок.* бетке боёочу упа – эндик; *талап койгон ак бетине, талапкериң биз.*

ТАЛАП II *жерг.* талп; *ички үйдүн шывы талап этип түштү.*

ТАЛАПАРАН *тал.* көк таш; *талапаранды күйгүзүп owзулга севет* ("далапаран, тарапаран" болуп да айтылат).

ТАЛАШ *тторо* 1. ат чарчап, бир аз тердеген маалда эки – үч саат эс алдырып туруп отко койгондук; *тор жоргону талаш кылып отко койвосок, бүтүн ачка болуп калды;* 2. *зам.* эки жакка бирдей таланган нерсе; *талаш жәним бирге эде;* **талаш kawan** *жерг.* бала жаңы төрөлгөндө бир казан талкан умачтап, келгендерге берүү

жөрөлгөсү; *ушул таап, талаш казан жеп келдик* (азыр бул көрүнүш эскирген); **ит талаш** *пам.* чакмак таш ойнунда таштарды тез – тез алмаштырып ыргытып тосуп алуу кырдаалы; **кара талаш** *жерг.* чыр, чатакты көп чыгарган киши; *шундай кара талаш ки, көп урушат*; **хам талаш** оору адамга арналып союлган малдын чийки этин элге таратып берүү; *хам талаш кылып элге бөлүп берген* (азыр мындай көрүнүш эскирген).

ТАЛАШКААК *жерг.* талашчаак; *сен мунча талашкаак болуп кеткенсиң?*

ТАЛБАРКИ *тторо.* түп – түп болуп, топ чыккан, бою 20 – 30см. өскөн, жалбырагы талдыкына окшоп келген, сабы сайын үндөө сымал аш алып өскөн өсүмдүктүн аты; *талбаркини эчки анча–мынча жейт, күчтүү жерге чыгат.*

ТАЛГА *баткч.* тандоо, иргөө; *кара чаар сур жылан жер талгавай сойлогон.*

ТАЛГАК: беш талгак *жерг.* көчөттүн салааланып сайылган түрү; *беш талгак менен каргымакты көрсөтөйүн.*

ТАЛГАМ: талап–талгам *чүй.* татым; *талап–талгамына ылайык келвейт.*

ТАЛГЫ *баткч.* терини жумшартуу үчүн колдонулуучу жоон сандай жыгач; *талгы менен терини ийге келтир.*

ТАЛДЫРМА *чатк.* 1. кийиздин оор, калың жасалган бир түрү; *талдырма жасап отурсак, таш алма алып келиптир*; 2. *кочк.* жүндөн жасалган жука кийиз; *басканда кирбей калган бошоң кийизди талдырма дейт.*

ТАЛК *жерг.* ачуу, кыйгыл; *талк дәри экен*; ◊ **тувры сөз талк** түз сөз ачуу.

ТАЛКАЙ *акт.* далыюу; *талил таш бергенде талкайа жүргөн.*

ТАЛКАН *батк.* тамекинин тартууга даярдалган майдасы; *о тамекинин талканы талаанга түшмөк беде?*

ТАЛКАША *тторо* 1. бышык, чыйрак; *ошонтип жүрүп талкаша кылат*; 2. *өзг.* кенебес; *талкаша болсо да көмөчүгө кор тартты.*

ТАЛКУWРАЙ *жерг.* ат кулак; *талкuwрайды көргөнгө таламы бар.*

ТАЛКҮЧҮК *батк.* 1. бүрү майда – майда келген өсүмдүктүн аты; *талкүчүк күнч оwрусуга дәри*; 2. *өзг.* өсүмдүктөрдүн эми бүр чачайын деп калгандагысы; *ай, жеткен талашчаак окшойсуң, мына талдын талкүчүгү*; 3. *өтм.* бозонун жаңы сүзүлүп чыбырчыктап көбүргөндөгүсү; *бозону талкүчүгүндө ичсең, кандай сонун.*

ТАЛКЫ I *жумг., ыск.* туздун эрибей калган калдыгы, шору; *туздун талкындай оор.*

ТАЛКЫ II *батк., лейл.* бутактары чачырап өсө турган өсүмдүктүн аты; *талкыны сөйөк оwруга дары дейт* ("талкын" болуп да айтылат).

ТАЛКЫ III *баткч.* жөжө; *тоwоктун талкысыдай болушуп жүрөт.*

ТАЛМА *жжол.* конуздун тийип койсо талып кала турган бир түрү; *ар жерде талма коңуз башы менен жер сайып жатат.*

ТӘӘНӘВУЛ *өзг.* тээтиги; *тәәнәвул итти сурап чык* ("тенавул" болуп да айтылат).

ТӘӘНДӘЙ *батк.* тигиндей, тээтигиндей; *тәәндәй өсүп барат десем, жанбашыны ташка урду* (жанын сабап иштеди).

ТӘӘРӘМ *батк.* ийне жоголду ойну; *тәәрәм–тәәрәм деп жерди колу менен сыйпалап турат.*

ТӘӘРИП I *ал.* 1. өзүн – өзү көтөрмөлөгөндүк, мактангандык;

жаман адамдан аш жегиче, жакшы адамдан таш же деп өзүнү тээрип кылдылар; 2. үлгү; *шол кәттә үй шол маалда тээриди эде*; 3. *зам.* кылык – жоруқ; *этеги толгонго тезек деп* (колунда барга бир өтүк) *тээрип көрсөт.*

ТӘӘРИП II *лейл.* мыжың; *тәштәмәйди узунудан койо авады ол тээрип.*

ТӘӘРПИ *батк.* үлгү ала тургандай, даңаза сала тургандай; *жүл гилемдин көчөтү тээрпи экен.*

ТӘӘРИТ I *лейл.* аралаш; *тээритмә – тээрит кылып кар, жамғыр жаады.*

ТӘӘРИТ II *лейл.* алап; *тээлим әлсәң улуwдан тәрвийә болот өзүңө, тээрит жасай берем.*

ТӘӘСИЛ *пам.* таң калгандык; *уwлу бардын буwну бар, уwлу жоктун буwну жок десе, тээсил калдым.*

ТӘВӘКӘЛЦИ *баткч.* тобокелчи; *ойцу ойлогуца, тәвәкәлци ишини пүтүрөт.*

ТӘВӘЛҮД *жерг.* пайда болгону, жаралганы; *мен азыр бир гәп урам, тәвәлүд болгонуга пишәймән болосуң.*

ТӘВӘР *жерг.* балта; *силердин тәвәр курчпу?*

ТӘВӘРӘ *батк., сейр.* өтө, аябай; *кәнсерт тәвәрә кызыды.*

ТӘВӘСИМ I *батк.* концерт, оюн; *телевизордон кәттә тәвәсим болду, көрдүңүздөрбү?*

ТӘВӘСИМ II *батк.* жалтылдак атлас товардын бир түрү; *бир тәвәсим алып кой.*

ТӘВГИР *батк.* эсебин, ыгын; жайын тапкандык; *бардык иштин тәвгирини өзү тават* ("тәврик, тәгвир" болуп да айтылат); **таза–тәвгир** *ош.* ушак – айындан алыс жүргөн киши.

ТӘВДӘР *батк.* ысык өтүп, суусак болуп, ирең бузулуп ооруган оорунун аты; *тәвдәр богон адамды айыктырса болот.*

ТӘВИЖЫРЫК *батк.* курчтук, тездик; *тәвижырык үйдү башыга көтөрөт* (алай – дүлөй түшүрөт).

ТӘВИЛ *өзг.* талаа станы; *тәвилде колхозчулар оwкат кылып отурушат.*

ТӘВИР *лейл.* болук; *тәвир элеминби, мени шондой деп тээрипи кылышаттар.*

ТӘВИРӘК *өзг.* мурас, белек; *тәвирәк калтырды, энди онун корошуга таш ыргытпайм* (тийиштик кылбайм).

ТӘВИТ *лейл.* татык, вкус; *тәвити жокору, тойдун тәвәригини ала верет.*

ТӘВСИЙӘ *зам.* сунуш; *ону биз депутат болушка тәвсийә эттик.*

ТӘГӘ *жерг.* таа; *ашыгың тәгә түштү* ("тага" болуп да айтылат).

ТӘГӘВИ *батк.* жүзүмдүн жергиликтүү бир сортунун аты; *таш пахтаны терип жүрүп, тәгәвинин тәгигә келип отурдулар.*

ТӘГӘНТ *батк., эск.* козу – улактын терисинен ичилик салынып жасалган бел курчоо; *чоң энем белиге тәгәнтин бәйләнип жүрчү* (азыр бул көрүнүш эскирген. "Тәгмәнт" болуп да айтылат).

ТӘГӘР *ал.* мүшөк; *тәгәрди алып берчи.*

ТӘГДАПАН *лейл.* үйдүн тактайдан салынган полу; *тәгдапанга кол төшөк (бешиктеги баланын көкүрөк жагына жабылуучу кичине жабуу) жатат.*

ТӘГДӘР *батк.* 1. барктуу, урматтуу, сыйлуу; *ол бала тәгдәр, кызың кааласа, ого барвай кимге барат*; 2. ызаттуу; *тәгдәрим тилге кевептир*; 3. тектүү, теги мурунтан белгилүү; *тәгдәр киши эде, турумтайынын туwуруну көрсөтөр.*

ТӘГЖӘЙ *лейл.* базарга барып конгондо жаткан жер үчүн же орун

пайдалангандыгы үчүн төлөнгөн акы; *бәччәгәр, тәгжәйгә бир сомнон алса болову?!*

ТӘГЖЕ *батк.* чирүү, ыдыроо; урунууга жарабай калуу, колго келбей калуу; *покчодо узак вак туруп тәгжеди.*

ТӘГИДӘ *жерг.* 1. алдында; *кара жердин тәгидә кантип жатат дегдевей*; 2. астында; *аткананын тәгидә койондун уйасы бар*; ◊ **тәгидә бар бала** дээри бар, зээндүү.

ТӘГИЛЕ *пам.* деги эле; *әйткән гәпти тәгиле алвадың.*

ТӘГИТҮГҮ *лейл.* ал – жай, тек – тек; *тәгитүгүнү ким билет дейсиз?*

ТӘГЛӘ *батк., жерг.* 1. кабаттап бүктө; *алган адам тәгләптир*; 2. иреттөө; *тәглән, ону алып чык.*

ТӘГЛӘН *батк.* оодарылуу, жайноо; *онун дүнйәси тим ле тәгләнгән.*

ТӘГӨW *жерг.* 1. жаз эрте келген жер; *биздин жер – тәгөw*; 2. жака тарап; *тоw жак – сәрәт, пас жак – тәгөw деп әйтылат*; 3. суусу көп тегиздик; *булар болсо, тәгөвдө калат.*

ТӘГӨWЧҮ *жерг.* жака тарапта жашаган адам; *тәгөwчү го ол, сuwукка чыдавас беке?*

ТӘДБИР *батк.* 1. эсебин, жолун тапкандык; *олор тәдбир экен*; 2. *зам.* көрүлгөн чара; *мол асыл алыш тәдбирләри көрүлдү.*

ТӘЖӘ *түшт.* бөгөө; *сууну тәжәп койдук.*

ТӘЖӘНДИК *ал.* 1. көктүк; доюрдук; *үйдүн дувалыны тәжәндигидән бүтүрдү*; 2. каардуулук, тажаандык; *тәжәндик кылып, бовой койду.*

ТӘЖИ *лейл.* жаңы төрөлгөн баланын денесиндеги туубаса кызыл темгил так; *о тәжиси бар бала тәжиги – кыргызы гәп ура верер экен.*

ТӘЖИВӘЙ *батк.* кычкыл даамдуу, өңү кызыл өрүктүн түрү; *сенин путуң ыспар эле экен, тәживәйдән үзүңчү?*

ТӘЖИЙӘ *батк., өзг., зам.* 1. өлүктү көргө коюу үчүн ар кыл ырым жасоо салты; *алты катын тәжийәгә барса, әл – әлигә ырдайт* (кошот); 2. өлүккө карата берилүүчү мүчө; *тәгмәнтини алыптыр, тәжийәгә барыптыр* (азыр бул көрүнүштөр эскирген. Тажыйа болуп да айтылат).

ТӘЖИЛҮW *жерг.* ачкычтын бир түрү; *бизде тәжилүw кәлит, жөн кәлит, тиштүw кәлит деген түрлөр бар.*

ТӘЖРИЙВӘКӘШ *жерг.* жылдын оор – жеңилин, ай – күнүн кандай болорун болжолдоп айткан киши; *тәжрийвәкәши эмесмин дә, әттәң, болбосо, өзүм эле билет эдем.*

ТӘЖИГҮЛ *жерг., батк., суз.* короздун тажысына окшош келип, мала кызыл чоң гүл алган өсүмдүктүн аты; *тәжигүл тапсам – көрсөтөм.*

ТӘЖҮКҮ *жерг.* жүктүн алдына коюлган тактайга жабылуучу саймалуу, чачылуу узун жабуу; *тәжүкүнү чычкан хәммә жериден тешип тәштәвәсин.*

ТӘЗ *суз.* түп; *бу сuwдун тәзи терен.*

ТӘЗӘП *ал.* шашуу, тездетүү; *оокатты тәзәвигә салдык.*

ТӘЗЗӘ *пам., лейл.* 1. аябай, өтө, абдан; *тәззә тириmтик болуп өскөн бала дә, карачы, таажы таап келе койду*; 2. *жерг.* аша чапкан, чектен чыккан; *бу сен тәззә кайсар турвайвысың!*

ТӘЗИЙӘН *пам.* камчынын бир түрү; *тәзийән камчы тартты.*

ТӘЙӘРГӘРЧИЛИК *ал.* даярдык; *кыш айларыга тәйәргәрчилик көрүлөт.*

ТӘЙӘРКОРДО *батк.* жатып ичер; *тәйәркордо болуп жәмән үйрөнбө.*

ТӘЙИЗ *өзг., батк.* тайыз; *билбеген сuwду тәйиз деп кечпе, душмандын*

ашын ширин деп ичпе, бирөwтө ор казсаң тәйиз каз, өзүң түшүп калвагын.

ТӘЙИП *батк.* кебете; *кылдырып ишини көрөйүн, күлдүрүп тишини көрөйүн, тәйпи кандай болор экен.*

ТӘЙИР *лейл.* таза; *тәйир суw тамакка тәйәр болду.*

ТӘЙИШ *ал.* тартышуу; *үч күнү тuwурдукту тәйишәт.*

ТӘЙМӘМ *пам., эск.* суу жок жерде топурак менен алынган даарат; *суw жок жерде тәймәм кылса болот* (бул көрүнүш эскирген).

ТӘЙНӘ *ал.* тай эне; *апасынын апасыны тәйнә дейт.*

ТӘЙПӘ *батк.* тамаша; *өтсө кардардыкы, өтпөсө дәлдәлдики деп әзил тәйпә кылсам, ол оwлуүп жүрөт.*

ТӘЙПИН *батк.* даки, марля, тайпы; *өлүктү тәйпингә әм оройт.*

ТӘЙТӘНӘ *жерг.* тай бука; *Жерге–Талда тәйтәнә, букача деп әйтә берет.*

ТӘЙТИК *лейл.* келжирек, сүйлөөк, тантык; *тәйтик киши экен, колтуктап төшөк салсаң боло веке?* (калыңдап, жумшакталып салынган төшөк).

ТӘЙТИН *лейл.* бабыр; *о тәйтин туттуйуп калды да.*

ТӘЙТИНДӘ *лейл.* келжирөө, калжыроо; *мылтыкка сан бервейм деп тәйтиндәдиви?*

ТӘК I *түшт.* 1. асты, түбү, түпкүрү; *жардын тәгинән жәй алат*; 2. *батк.* табак түп, аяк түп; *тәгини тәйәтәңә йәм берве*; 3. жерге отуруу үчүн салынган төшөкчө; *төрт кол ойношуп* (кубалашып ойногон оюндун бир түрү), *тәккә келип отурду*; **жүк тәги** *жерг.* жыйылган төшөк – жүктүн астын кооздош үчүн тигилген буюм; *жүк тәгин узун кара тавардан гүл салып, чәчи чыгарып жасайт* (муну күйөөгө кыз узатканда атайын беришет); **ички тәги** *жерг.* бут кийимдин таманына салына турган ички ичке тери; **тышкы тәги** бут кийимдин тышкы, калың таманы; ◊ **гәптин тәгин гәп ачар** *лейл.* сөздүн түбүн сөз табат; **тәги душман дос болвос** *жерг.* эзели душман эл болбойт; **тәги жовош ыйлавайт, бowлуw шумкар жоголвойт** кандай нерсе, кандай мүнөз болсо да, ал белгисиз болуп кетпейт деген мааниде; **бинисини тәгидә турса дә хавар таппайт** *жерг.* минип жүрүп аты; **дүйнәнин тәгигә түшкөн** дүйнөгө көзү тойбогон ач көз; **жамандыкты тападымдын тәгидән тавам** *ноок.* жамандыкты издесе оңой эле табылат; **кулактын тәгигә от жак** кулакты чуу дедирте бир кой (ушул эле мааниде "кулактын тәгини ысыт" деген түрү да айтылат); **мээнет, мээнеттин тәгидә рахат** эмгектин акыры жыргал; **топунун тәгидә адам бар** *батк.* сак бол; **түптүw терек тәгидән жылвайт** *батк.* топ таш ойнунда жогору ыргыткан таштарды кайсы бирөө бир нерсенин түбүнө түшүп калса, ошол жерден терип алуу керек деген мааниде айтылчу туюнтма; **шунча кызыга бересинки, тәги әйтпә** *жерг.* – ой, өлүп кете жаздайсың го деген мааниде айтылчу туюнтма.

ТӘК II *батк.* жүзүмдүн сабактарын көтөрүү үчүн тикесинен, узун – туурасынан атайын коюлган жыгачтар; *боз төвөл эчкини тәккә бәйләй сал.*

ТӘК III *батк.* жөн; *тәк койуң, төвөсү көк көргөн немени* (кагылып – согулуп бышыккан немени); ◊ **тәк–тәк койсо төвөгө чыкпа** *батк.* эсирбе, жулкунба.

ТӘК IV *пам.* топозду токтотуп; жоошутуу үчүн айтылчу сырдык сөз; *тәк–тәк, эки жыл балдыры пәстәк болуп жүргөндө жоwуш эде.*

ТӘКӘ I *батк., лейл., ал., жерг., пам.*

жапайы теке (бакмасы "теке" делип айтылат); *туруму жок киши тәкәгә бара әвәйт*; **бава тәкә** *батк.* балдардын оромпой тээп ойногон ойнунун бир түрү; *бава тәкәдә әккәләп ойнойт*; тәкә **тәпти** балдардын кубалашып, бут тийгизишип ойногон ойнунун аты; **тәкә-тәкә** *батк.* текени ээликтегенде колдонулчу сырдык сөз; *тәкә-тәкәтталтаң, арыгыда кадтаң, семизиде бултаң*; **тәкә-тәкә кылды** *жерг.* топто, жыйында, улак тартканда өзүнүн алдуулугун, күчтүүлүнүн көрсөтүү; **тәкә чәчилди** *пам.* тоо теке жүгүргөн учур; *ол тәкә чәчилдидә төрөп, кийин эки этеги жерге жеткен келин болду* (агарып – көгөрүп, көп балалуу болду).

ТӘКӘ II *лейл.* тике; *тәкә маңдай туруп сүйлөшөт.*

ТӘКӘСӘЙ *өзг.* сайма топу; *мәгәзиндерде тәкәсәй сатып жатыр.*

ТӘКӘПУР *батк.* текебер; *йигилик вактыңда тәкәпур бово.*

ТӘКӘСӘЛТӘҢ *зам.* жалкоо; *качанкаче тәкәсәлтаң боп жүрөсүң, кой балам, сен әм элдин балдарыга окшоп иштеп адам бол.*

ТӘКБИР *ноок.* билерман; *тәкбирини таап кутпады.*

ТӘКВӘДӘР *ал.* кылтамак; *тәквәдәр адамдар бүрөwдүн үйүдөн чай дагы ичкиси кевейт.*

ТӘКИ I *суз.* коондун сырты калың бир түрү; *о бир жылы тәки коон жакшы чыкты.*

ТӘКИ II *өзг.* чылапчын; *кир жууйун, тәкини бери алып берчи.*

ТӘКИЙӘ I *пам.* жүн, пахта салынып жасалган жаздык; *тәкийә койуп отурвай эки колу төвөсүдө кетти* (көзү ачык бойдон жашында каза болду).

ТӘКИЙӘ II *ал.* топу; *баш жарылса тәкийә астыда*; **гүлдүзү тәкийә** *жерг.* жээгине эки "сүw, ала мончок, кизек" саймалары түшүрүлүп, төбөсүндө гүл саймасы бар топунун түрү; **жүл тәкийә** *пам.* түк чыгарылып кооздолуп жасалган баш кийимдин бир түрү; *аргымак жолду арвытат, акмак эрди гарытат бовой жүл тәкийә тапып бер*; **Кокон тәкийә** Кокон шаарынын базарында сатылуучу жергиликтүү топу; *Кокондон кокон тәкийә алып келем;* **чал тәкийә** чалдар кие турган жөнөкөй топу; *чал тәкийә алып келдим атама*; **тәкийә ашырмак** оюндун аты; *тәкийә ашырмакты ондон болуп ойноор элек* (топ балдар бештен экиге бөлүнүп, башчысын "эне", калгандарын "бала" деп атап, такыя катып, анан колдорун шакылдатып, топу издеп ойношкон. Көздөрүн таңып алышкан. Оюнга кыздар да, эркек да бирдей катышкан. Алар биринин артынан бири отуруп, белгиленген жерге карай акырын жыла беришкен. Ким мурун ошол жерге жетсе, кийинки топтогуларды кармап минишкен); ◊ **ак тәкийә** *өзг.* бойго жетип турмушка чыга элек; **тәкийәси баштан түшө элек** али жаш, бойго жете элек кыз; **кара тәкийә, көк көйнөк** багы качкан, бейбак болгон жесир; *тәкийә астыда киши бар жер ээн деп сүйлөй берве*; **гәпкә тәкийә кийгизет** сөзгө уста, чебер; *о Таштан гәпкә тәкийә кийгизет, сен шого теңелевисиң?*

ТӘКИЙӘМӘТ *зам.* колго согулган таардын бир түрү; *тәкийәмәт курптур, урпуйасы жок туруп.*

ТӘКИЛДЕ *өзг.* такылдоо; *шол вакта эшик тәкилдеп калды.*

ТӘКИЛЕТ *өзг.* бой көтөргөндүк; *Айгүмүштүн тәкилет, тәкилетти ким билет.*

ТӘКИЛИК *өзг.* сунуш; *әкә, менде тәкилик бар.*

ТӘКИЛИП *пам.* сый – урмат; *иш, тойдон кандай тәкилип көрдүңөр?*

ТӘКИН: әкин–тәкин *баткч.* каж – куж; *әкин–тәкин гәп урва, тегирмендин тозундай болосуң.*

ТӘКИРӘҢДӘ *батк.* оромпай тээп секирип ойноо; *тәкирәңдәп ойноп жүрөт.*

ТӘКИРТҮКҮР I *жерг.* 1. шайдоот; *тәкиртүкүр динәрим – жумушка урow дә*; 2. майдалап жоргологондук; *тәкиртүкүр жоргосу, баашыда бар торвосу, таңга маал азаны, тамагыда казаны* (таб. кекилик).

ТӘКИРТҮКҮР II *өзг.* майда барат, майда чүйдө; *жалаң тәкиртүкүрдү чогултуп алыптыр.*

ТӘКИЙӘ *лейл.* кебез жастык; *тәгмәндән тәкий алчы.*

ТӘККИ *ноок.* астыңкы, подвал; *тәкки үйдө отураттар, топ тепти ойнойвуз деп.*

ТӘККИҢГИ *лейл.* төмөнкү; *астыңкы; тәккиңги көчөдө той болот.*

ТӘКЛИК *жерг.* имиш; *Кызыл–Сuwдан каган деген тәклик бар.*

ТӘКМӘН *лейл.* жүк жыйылган орун, жай; *тәкмәниңди койо тур, үйүң owнаса, шондо шәрмәндә болосуң* ("тәгмән" болуп да айтылат); **тәкмән башы** жүктүн үстүн жаап коюу үчүн туш кийиз сымалдантып жасалган сайма.

ТӘКМИН *батк.* болжол ой; *менин тәкминимдә шалы эге турган жер экен.*

ТӘКOWПУР *батк.* терс аяк, бирөөгө жакшылык кылбаган; *жүдә тәкowпур болуп колуну калап кава* (оозунду карманып жүрбө).

ТӘКОТУ *батк.* кийик чөп сымал келип, жалбырагы бөрү тил өндөнгөң, 15 – 20см бийиктикте өскөн, адамды чүчкүртө берген, ошо тегеректе бир гана өзү өсүп, бийик тоонун майда шагылдуу жерине чыккан өсүмдүк аты; *тили жарылган, тамагы жуткурбай owруган owруга, тишинин эти көөп owруган owруга талкан кылып сепкен.*

ТӘКӨӨР *ал.* текөөр; *тәкөөрүн кара, наргы бир топ кар баскан короз го.*

ТӘКРӘ: тәкрә–түкүр *жерг.* так – так эткен үндү туюндурган сөз; *тәкрә түкүр тәхрәмон, ичидеги мехравон.*

ТӘКСӘРИ *жерг.* төшөктүн баш жагы; *тәксәринин алдыны кара, үлтүрөгөн кыргыйдай, үч түлөгөн шыргыйдай болуп турат.*

ТӘКСИН *батк.* таарынуу; *ат иззәттин теңи эмес десе, тәксинип калды.*

ТӘКСЫНЧ *лейл.* фундаменттин үстүнө коюлган жыгач; *хазыр кышлактар жүдә авat болду, тәксынчтар мәкәм койулат.*

ТӘКТИ *батк.* түк, такыр, эч убакта, эч качан; *деги эле, тәкти ле мени ойнотпой мүдәәңди әйтчи* ("тәхти, текти болуп да айтылат".

ТӘКТИЙНӘ *батк.* так түйнөк; *кәсәләрди тәктийнә кылып жыйсаң;* ◊ *ишивиз тәктийнә ойдогудай.*

ТӘКЧӘ *түшт.* кичине кап; *үлпүнчөк ачаарга тәкчәсини ала барган имиш.*

ТӘЛӘВӘ *жерг.* 1. талапкер; *тәләвә кыганды билвесе, жаагыны көчүрө кой*; 2. окуучу; *мектептин тәләваләри кәлхозго барып, кәртишкә терип келдилер.*

ТӘЛӘП I *батк.* ирденгендик; *койлор бир аз эттенип тәләп болгуча кочкорду кошогула.*

ТӘЛӘП II *өзг.* эндик сымал өсүмдүктүн боёгу; *тәләп кичинекей боз жалпак, бармактай болот.*

ТӘЛВИЗ *пам.* оома; *так болвосоң дә тәлвиз болво.*

ТӘЛИ *батк.* ар кыл майда – чүйдө салуучу тери баштыкча; *маңа тали жасап берчи, Салкынай эже.*

ТӘЛИБӘЛӘ *зам.* бешене; *тәлибәләдәги шо да, тойханада отура берсин.*

ТӘЛИМСИН *батк.* өткөндү унутуп койбоо; *түлкү тумшук ийри такым бово (адамды сүт кылба), тәлимсинип кетпе.*

ТӘЛЧӘНӘК *батк.* жип – шуу, кайчы ж.б. майда – чүйдө салынуучу баштык; *эч бәләң калваса йәм тәлчәнәгиң сатпагын.*

ТӘМ *батк.* бир тарап, бир жак; *эки тәм болуп талаштык, ходик деген эмне деп.*

ТӘМӘ *батк.* суроо, тилөө; *алдыга барсаң эле, тәмә кылып турат.*

ТӘМӘӘ *батк.* колко; *маңа өткөзүп койгонсуп тәмәә кывaң.*

ТӘМӘНДӘ *батк.* кекирейгендик, өйдө санагандык; *ишке кевей, тәмәндә болуп кавасын.*

ТӘМӘРИ *лейл.* пахсалардын ортосуна ылайдан коюлган из; *ол тәмәрәни шундай койот.*

ТӘМБӘ *өзг., батк., лейл.* эшиктин ичинен же сыртынан коюлуучу тирөөч бекиткич; *үйүнү тәмбә менен бекитип, тыйын таштамайга кетти* ("тәмби" болуп да айтылат); ◊ **тәмбәсини колуга бер** сазайын көрсөт, өчүн ал, жазасын бер (же ал) деген мааниде айтылчу туюнтма.

ТӘМБӘЛӘ *өзг., батк.* эшикке тирөөч коюу; *биз жатарда эшикти тәмбәлап койдук.*

ТӘМБУР *жерг.* төрт кылдуу, мойну узун келген беренелүү музыкалык аспап; *тамаркада тәмбур ойноп отурат;* ◊ **эшектин кулагыга тәмбур чертмек** *зам.* болбогон ишке убара болот.

ТӘМБӨWҮЧ *батк.* үйдү ичинен бекитүүчү эшик тирөөч; *бир окту доңуздан айава дегендей тәмбөwүчүңдү айава.*

ТӘМИ *карс.* ар намыс; *тәмиси жок күлкүчү, санаасы жок уйкучу.*

ТӘМИБОЛӘ *зам.* бешене; *аттансаң аттан, мактанба, тәмиболәңән көрөсүң.*

ТӘМИЗ *лейл.* сыр, ой; *өнүп өксүгүчө, өлүп өксү дейт, тәмизин тартып көрөйүн.*

ТӘМИЛ I *батк., зам.* расим, адат, салт; *тәмили шундай, тынаак–тырнаак.*

ТӘМИЛ II *өзг.* ой, пикир; *өз өлтүрвөйт, жат айавайт, иштесе – тәмилдексин берем.*

ТӘМИЛДӘН *батк.* тамактан; *ач кулактан тынч кулак – деп, тәмилдәнә бер.*

ТӘМИН *жерг.* камсыз кылынгандык; *жабдылгандак; миймәндәрди тәмин кылыш керек.*

ТӘМИНДӘЛ *жерг.* жетиштирилүү; *кәлхоз сивет менен тәминдәлгән.*

ТӘН *пам., лейл.* 1. шыбага; *көмөч көөмп нан бервейт, көрсөтүп туруп тән бервейт;* 2. макул болгондук, моюн сунгандык, баш ийгендик; *бул жагыдан сизге тән бердим*; 3. үлүш, энчи, бөлүк; *сенин эриң шунча абат адам, ого тән койвосо бовойт*; ◊ **тән авады** ишенбеди; **тән берди** бой берди; **тәниңиз сак болсун!** *батк.* чүчкүргөндө "ак чүч" деген мааниде айтылчу алкоо сөзү.

ТӘНӘ I *жерг., батк.* 1. бой, дене, тулку; *бар, барып тәнәң менен кеңешпейвисиң?;* 2. ден; *тәнәң сow болсо, кәңүлүң ачык;* 3. *зам., жерг., лейл.* өсүмдүктүн сөңгөгү, өзөгү; *теректин тәнәси жогон*; 4. *өтм.* көөп шишигендик, семиргендик; *тәнә байлап кетипсиң*; **өрүк тәнә** *батк.* өрүк жыгачынын бутагы жок жоон жери; *өрүк тәнәни кой, супанын алдыда сөөк жатсын – деген мәтәлди әйт*; **тәнә тартар** *зам.* денеге чонураак кызыл бүдүр жыш каптап чыккан оору; *тәнә тартарга тәнәнин терисини тартат*; ◊ **зәхри тәнәң болсун** ичкениң аш

болбосун деген мааниде айтылчу туюнтма; **тәнәси башка дарт билвес** *суз.* сенин оорунду башка бирөө билбейт ("ысык тәнәнин дәрти башка" болуп да айтылат) деген мааниде айтылчу туюнтма.

ТӘНӘ II *зам.* бир туугандардын эң улуусу; *кош колдуwдун* (жардамдашары бар) *улуwу–тәнәси ол.*

ТӘНӘ III *батк.* табаа; *маңа тәнә кыва.*

ТӘНӘӘ I *батк.* жалгыз, жеке; *тәнәә өзү иштеди үйү пүткүчө.*

ТӘНӘӘ II *зам.* милдет; *сен маңа тәнәә кылвай ак кой.*

ТӘНӘЙИ *жерг.* 1. жеке, жекече; *авам кәртишкәнин биринчи чавыгыны тәнәйи өзү чават ки, өнүгүшүгө зийән бервесин деп*; 2. бөлөк; *мен силерден кийин тәнәйи жейм*; 3. *лейл.* бүтүндөй; *тәнәйи жеп дык болупсуң.*

ТӘНӘЛӘ *жерг.* 1. бутак чачыратуу; *тәнәләп өсөт от деген*; 2. *өтм.* бала – чакалуу болуу; *тооктой чөжөлөсүн, тарыктай тәнәләсин, баш бәйвиче болсун, бахыт–мурадыга жетсин!* (нике тойдо күйөө – кызга берген батадан).

ТӘНБӘЛ *жерг.* 1. кыбыр; *шундай тәнбәл адам болот экен, ээ?* ("тамбал" болуп да айтылат); 2. бечел; *бала тәнбәл болсо, ич нерсеге жаравас.*

ТӘНДИР *зам.* 1. мергенчиликте төрт бурчтуу кемеге казып, ага таш төшөп, ошол таштарды кызыта от жагып, анан шишке сайылган, же бүтүндөй териге оролгон эттин үстүнөн дагы улуу от жагып кордо бышырып жегендик; *тәнә киши тәндир бышыра әвәйт, эки–үч киши керек*; 2. дандыр; *там башыда тагыра, тәндир толо загыра*; **навай тәндыр** *батк.* отуз – кырк нан бата тургандай жасалган чоң дандыр.

ТӘНИМӘӘРӘМ *пам.* жаш кезден баш кошкон аял; *өзүңдө тәнимәәрәм болвосо, башканын нимне кереги бар?* ("тәнимәйрәм" болуп да айтылат).

ТӘНИСӘӘТ *жерг., батк.* 1. сак – саламат; *тәнисәәт жүрөвүсүң?*; 2. *пам.* жакшылык; *тәнисәәт жакпаган мал экен, жоw алгыр!*; 3. шойкомдуу; *тәнисәәткә сааттуw акыл.*

ТӘНИСӘӘТТИК *пам.* жакшылык; *тәнисәәттик кылсам әм билвейт.*

ТӘНӨӨ *өзг.* жамгырдын суусу агып түшүү үчүн жасалган чорго; *тәнөөдө суу агып түшөт.*

ТӘНТӘНӘ *жерг.* жыйылып чогулгандык; *сиздерди биз тәнтәнә тосуп алавыз.*

ТӘНТИ I *жжол.* ынак; *ашык жарда бар бекен биздей тәнти.*

ТӘНТИ II *батк.* туура, калыс; *тәнти жигит тuwрысыны әйтти.*

ТӘҢ I *батк.* 1. начар; *әлим тәңирәәк болуп калды*; 2. *өтм.* ичи тар, көрө албас; *өзүгө жидә пукта болоо йәм тәң*; 3. сараң; *ол адам оwкатка тәң экен.*

ТӘҢ II *жерг.* 1. тар, кысык; *шо тәң жол менен баравысың?*; 2. *батк.* татаал жер; *жер тәң дә, бовосо көрсөтөм го*; 3. жетишпегендик, кемчилдик; *илгери–илгери тузга тәң болор эдек.*

ТӘҢГӘ *түшт., эск.* мурдагы учурда колдонулган жыйырма тыйындык пул; **эки тәңгә** кырк тыйын; **тәңгә мүрү** жыйырма беш тыйын; **ак тәңгә** күмүш тыйын; **чәч тәңгә** чачуучтукка тагылган күмүш кооздук; **жәрим тәңгә** *түшт.* он тыйын; **бир тәңгә** жыйырма тыйын; **бир жәрим тәңгә** отуз тыйын; **үч тәңгә** алтымыш тыйын; **төрт тәңгә** сексен тыйын; **беш тәңгә** бир сом; **так тәңгә** жалпы алтындалган, күмүштөлгөн баалуу буюм; **рәмәт тәңгә** мурунку учурдагы салык, чыгым; **тәңгә бас** кыз – келиндердин кийимдерине тәңгә кооздук чөгөрүү;

тәңгә катмай жатка эсеп чыгарып ойноо; **тәңгә жәширмәй** *батк.* шәкәк салмай ойну; **тәңгә жәширмәй** балдардын ойну; **тәңгә түймө** *өзг.* тыйын топчу; **тәңгә салмай** илгери казанга атала салып, анын түбүнө тыйын таштап, ошону тиштеп чыгуу ойну; ◊ **насыйат жүз таңгәдән он тәңгә нак дүрүстәр** *жерг.* эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө деген мааниге жакын айтылчу туюнтма; **чычкандын ийни миң тәңгә** *суз.* иттин заңы дары болсо дариянын башында деген мааниде айтылчу туюнтма; **эшеги бир тәңгә, тушowy он тәңгә** же **эшеги үч тәңгә, токуму беш тәңгә же эшегиден тушowy кымбат** *батк.* арзыбаган ишти кымбат коюп, арзый турганды баалабайт деген мааниде айтылчу туюнтма.

ТӘҢГӘЗӘР *суз.* сырткы кабыкчалары тыйындай жалтылдаган балык; *биз жакта лака, тәңгәзәр, чортон балык болот.*

ТӘҢГИ I *лейл., батк.* 1. кууш капчыгай; *тәңгидән өзүң тәнә келгембисиң?*; 2. *баткч.* тар, кысык, кептелиш; *бир топ цавандаздар тәңгигә кирип кетти*; **тәңги башы** 1. кол от, капчыгайдын башталыш жери; *беш токол өткөндө бешиктеги бала үшүвөйт дешип, тәңги башыга кетишиптир*; 2. эки тоонун кууш кысыгы; *цаватыны тәңги башыга барганда жейвиз*; **тәңги өтөк** конуш – өтөгү бар капчыгай жер; **тәңги шак** жылга; *тәңги шактан келатып, хан калысыдан хайычы халысы өйдөвү? – деп сураган эде*; **туйгун тәңги** туйгун уя салган капчыгай.

ТӘҢГИ II *батк., ал.* ичи тар; *көп эле тәңги окшойт, алыштын башыны тосуп ташаптыр.*

ТӘҢГИЛИК *батк.* ичи тардык; *тәңгилик кылып бербей койду.*

ТӘҢГӨК *зам.* дөңгөч; *тәңгөктүн үстүдө кара тарywдy сыдырып отурат.*

ТӘҢДӘШӘӘР *чатк.* курбу, теңтуш; *тәңдәшәәрим берди деп дәртим бир жерге төгүлсүн.*

ТӘҢЧИЛИК *батк.* жетишсиздик; *манаттан чыгат барчылык, азып кетсе тәңчилик.*

ТӘП *лейл.* көңүл куш; *кимдин тәви тартса, пул берсин.*

ТӘПӘЙ *өзг., сейр.* тапочка; *балдардын кийгенин тәпәй деп койот.*

ТӘПӘК *жерг.* 1. тезек; *сywдун бойуга жакындай бергенде шиверден тәпәк көрүндү*; 2. жампа; *тәпәктин чогуну салсын*; 3. *батк.* ылай кесек; *ашарда төрт миң дәәнә тәпәк салдылар* ("тәппәк" болуп да айтылат).

ТӘПӘКИ *батк.* таш таман; *тәпәкини кәпәки деп ката айтыптыр.*

ТӘПӘТӘН *пам.* 1. бипбирдей; *мерген кийикке эки итти тәпәтәнигә койду*; 2. бир убакта, бир жолкусунда; *тәпәтәндән сакайыш кетпес.*

ТӘПӘТӘННӘН *жерг., лейл.* эмитеден, азыртадан; *тәпәтәннән баштап шунтесиң, кийин кантесиң?*

ТӘПИШТИК *жерг.* бешиктеги баланын аркасына салынуучу олпок; *тәпиштик сал бешикке.*

ТӘПКИР *лейл.* депкирп; *тәпкирди күрүчкө колдонот.*

ТӘПМӘ *батк.* бут машина; *тәпмә мәшинә менен көйнөк тигет.*

ТӘППӘК *батк.* 1. үй, там салуу үчүн момо томолоктолуп даярдалган кесек; *тәппәк салып, әнән үйгө урунам*; 2. капкатуу болуп катыган нерсе; *дәшкә жәйгән өрүк тәппәк болуп калыптыр.*

ТӘППӘТ *пам., эск.* эртең менен окулуучу сүрөө; *сааргы намазда тәппәт окулат* (азыр бул көрүнүш эскирген).

ТӘПСИ *жерг.* даңдырдын көңдөйү, ички боору; *моллонун нәпсиси – тандырдын тәпсиси.*

ТӘПСИЛДӘ *зам.* сүрөттөө; *мәйдә – чүйдөсүнү калтырвай тәпсилдәп бер.*

ТӘР *жерг.* ным, ол; *жожлугуңду тәр эле салынба.*

ТӘРӘЖДӘ *жерг.* тазалоо; таза сактоо; *отурган журтун тәрәждәйт.*

ТӘРӘКӘНӘ *батк.* союлган малды бир нече адам гана ортоктошуп бөлүп алуусу; *малды тәрәкәнә кылып сойуп дә әләттәр.*

ТӘРӘЛӘ *баткч.* бекер, бош; *озуп келди тәрәлә, энди цыгарып койсун.*

ТӘРӘЛВӘ *жерг.* унду майга кууруп, сүт кошуп бышырган тамактын аты; *жайлоwто чыктым эде, тәрәлвә жеп түттүм.*

ТӘРӘҢ *батк., жерг.* 1. чыйрак, бышык; *жип тәзә йәм тәрәң болуп калыптыр*; 2. сулуу, кооз; *гәпти кеп тәрәп кывай, тезирээк әйт*; 3. жык толтурулгандык; *вәлсәвиттин дәми тәрәң болуп кетиптир*; 4. ойдогудай, эң жакшы; *әйәниң бир әстә, кыймылдагычаң бир маал болот*; 5. керилип тартылган; *туш кийиз тәрәң болуп турат*; 6. чыңалып, ачууланып буулуккандык; *ол тәрәң болуп, кең кешип жыртылат, тар тартышып жыртылат деди.*

ТӘРӘҢДӘН *лейл.* чыйраксынуу, бышыксынуу; *сиз әм тарәңдәнип жүрчү эдеңиз го.*

ТӘРӘТИ *батк.* даярдык; *тойго тәрәти кылдык, тәрәпмә тәрәп болуп бара веревиз.*

ТӘРВИЙӘ *пам.* тарбия; *тәрвийә көп түрдүw, тәәлим көп сырдуw.*

ТӘРЗӘ *батк.* 1. пейли бузулган; *тәрзә адамга жолово, халыс болсоң каласың уйатка*; 2. куйту; *жалган эле аргымак атты арык деп жолго тәшәп кетпеңер, азамат эрди гарып деп журтка тәшәп кетпеңер деп, тәрзә кылды.*

ТӘРЗИМДӘ *батк.* оюмда, пикиримде; *ол жигит саңа әмәки окшойт, тәрзимдә.*

ТӘРГИН *батк.* тарак; *дүкөндө тәргин көп сатылат.*

ТӘРДӘРИ *жерг.* босогого туурасынан коюлган жыгач; *тәрдәринин жыгачы кайыңдан экен.*

ТӘРИЗ *батк.* 1. түр, кейип, көңүл; *сәәл тәрзиң башкача, бир бәләә баштап жүрвө*; 2. адамдын ички дүйнөсү, кыял – жоругу, ой – санаасы; *шо адамдын тәризини билчи, үйгө кетемин деп тәрәти кылып жатат көрүнөт* ("териз" болуп да айтылат); 3. жагдай, абал; *бүгүн күндүн тәрзи бузук, жаайт окшойт*; 4. окшош, өңдүү, сыяктуу; *эрини нәзик гүл тәриз.*

ТӘРИЗДӘН *батк.* окшошуу, өңдөнүү; сыяктануу; *ganganaa болуп ак тасма тәризденет.*

ТӘРИЙӘК *ал., жерг.* 1. тамырын майда жанчып, марлиден өткөрүп, "мәскә" майга кошуп дары жасай турган өсүмдүктүн аты; *тәрийәкти дәри кылып бөрсе, ич өткөрөт*; 2. ошол өсүмдүктөн жасалып, «мада» деген жүрөк ооруга берилүүчү дары; *әә, кысталакка тәрийәк бервесе, тәппәк болову?*

ТӘРИК *жерг.* караңгы; *эшик шунча тәрик экен ки, тәсийәни койуп, кийиктин алты санын алып баса берди.*

ТӘРИКӘТ *батк., эск.* илгери эшенге, калпага кол берип мурут болгондук; *чаштуw эшендерде тәрикәт болгон* (азыр бул көрүнүш эскирип жоюлган).

ТӘРИХӘНӘ *түшт., эск.* 1. укум – тукумга калган эмерек, мал – сал ж.б. ар кыл мүлктү бөлүп берүүчү үй, жай; 2. ошол бөлүп берилген буюмдардан

алынуучу салык (бөлүнгөн нерселердин 1/40 бөлүгү налог катары алынган. Мындай салык Кокон хандыгынын учурунда болгон. Азыр бул көрүнүш эскирип жоюлган).

ТӘРК *жерг.* учур; *тәркин кетирип, тәрип кылып бере авады.*

ТӘРКӘНӘ *батк.* быт – чыт; *тәркәнә кылдым, тартма тузакты.*

ТӘРКӘШ I *батк.* 1. ичи тар; *жүдә тәркәш экен, шону үчүн бүттүгү элге жакпайт*; 2. өзүмчүл, өзүнүкүн гана туура деп әсептеген; *боз көйнөккө жүн жээк деген тәркәш дә ол*; 3. чыргоо, чатак; *чырды атайлап чыгарган тәркәш киши ол* ("тәркәч" болуп да айтылат).

ТӘРКӘШ II *лейл.* идиш салуу үчүн жыгачтан же чырпыктан согулуп жасалган буюм; *тәркәшти керегеге илип койот эде, жыгачтан жасалат эде.*

ТӘРКӘШТИК *батк.* кыйылгандык, тырышкандык; *бәшәрти кардар келип калса, сатып жүгөрө бер, тәркәштик кыва.*

ТӘРКИ *түшт.* оопасыз, убайымсыз; *тәрки дүйнө кылып өрт койво.*

ТӘРПӘЛӘ *жерг.* унга бир аз суу себелеп, кол менен майдалап умачтап, анан кызарганча кууруп жей турган тамак; *душманыңды таш менен атпай аш менен ат деген, тәрпәлә жасап бер.*

ТӘРПИ I *батк.* атак, даңк; *бир устара – бир кайрак бовой* (ит – мышык болбой) *тәрпи овкат кыгыла.*

ТӘРПИ II: әрпи–тәрпи *өзг.* татаал, кыйын; *әрип–тәрип да болуп калат, улуw тумоwдо.*

ТӘРС *батк.* тескери; *тәрс уста экен, миймән төшөк савай эле кой.*

ТӘРСӘДӘН *батк.* келишкен, өзүн өзү оңдоп көтөргөн; *күнжүт жегендей тәрсәдән дә ол.*

ТӘРСӘК *батк.* шапалак; *гилдиң солок жер казат* (таб. тамчы), *таппасаң тәрсәк.*

ТӘРСОНЧӘК *жерг.* коркок; *ондой тәрсончәк бово, пут төшөк чулгайт путуңа.*

ТӘСВИ *батк.* катар; *тәсвиден чыкпай жүрсүн о тору, төвөл.*

ТӘРТ *пам.* ооруу; *тәрт болгон менен уй мурдуну сасык деп кесип таштавайт дегендей.*

ТӘРТӘКӘШӘК *жерг.* 1. көк бөрүнү жулуп кете албай тартышып калган учур; *тәртәкәшәк болуп жатат*; 2. бука тартыш ойну; *тәртәкәшәк ойносоңор, тәкән сойуп берем.*

ТӘРТИР *батк.* "уюм тууду" ойнунда үйлөргө бөлүнгөн таштын артып калганы; *тәртирдин эгәси ким?, бовосо түвөк менен бир койот.*

ТӘСӘВИР *батк.* ык, жөн; *Асыл бары–жоктун тәсәвирин тапкан мыкты келин.*

ТӘСӘР *лейл.* ирет, тартип; *пул тапкыча, эсепчи тап, шон үчүн тәсәрди бил.*

ТӘСИЙӘ *пам.* 1. сөзгө сынып уят болуп калгандык; *аксакал кишини тәсийә кыва*; 2. көксөө суугандык, оңтойсуз абалда калгандык, ыза болгондук; *гаалай упаны төгүп* (коргошунду ысытып кырып жасаган үбөлөндү), *тәсийә болдум.*

ТӘСИП *батк.* тарап, топ; *олор тәсипмә–тәсип болуштулар.*

ТӘСЛИМ *зам.* баш ийгендик, жеңилгендик; *мен ого тәслим болдум.*

ТӘСИЙӘ *батк.* ыза; *үйүгө барса, кел девесе, тәсийә тәртәт дә.*

ТӘСПЕТТЕ *батк.* иреттөө; *үзүп кеген алма, анжирини тәспеттеди.*

ТӘСПИР: тәспири тартылваган *түшт.* ырысы кыйылбасын, ырысы төгүлбөсүн, кеңири кесилбесин.

ТӘТӘ *жерг.* ата тарабынан тараган тукум; *бар өзүңүн тәтәңә кет.*

ТӘТӘӘ *суз.* жаш баланы жат деген мааниде эркелете айткандагы сөз; *Улан, тәтәә бол, уйку алып баратат.*

ТӘТӘЛӘ *батк.* абалап, арсылдап үрүү; *әр вир ит өз коровуда тәтәләйт.*

ТӘТТИ *жерг.* 1. ар кыл конфет, кант, печенье; *Калматай, тәтти барвы, уйку берүwгө апкел* (жаш баланы бешикке бөлөрдө кемпирлер чогулуп сый өткөрүү); 2. жыргал; *тәтти турмуш – узак өмүр*; 3. *сүйкүм эмгектин каны тәтти, жалкowдун жәни тәтти*; 4. таттуу; *бол–бол дей берген менен owзуң тәтти болуп кетпейт*; **тәтти бойи** *батк.* өрүктүн бир түрү; *ургаачы тәги жасаганга* (соконун тишин куя турган калыптын астыңкы бөлүгү) *тәтти бойи бериптир.*

ТӘХ *жерг.* маңыз, шире; *тәхти жок жер.*

ТӘХЛӘ *зам.* тигинен иреттөө; *күнүгө тастыктадык, ол тәхлә берди.*

ТӘХЛӘТ *лейл.* окшош, сымал; *ташка чыккан татыраң тәхләт.*

ТӘХЛӘТТҮW *лейл.* окшош, өндүү, окшош сыяктуу; *жалпыздын ысы тәхләттүw болот.*

ТӘХМИН *зам.* жоромол, болжол; *менин тәхминим тuwры чыкты.*

ТӘХМИНӘН *жерг.* болжолдоп эле; *тәхминән эле келдим.*

ТӘХМИТ *алб.* шекилдүү; *әкәң айавай тәхмит экен.*

ТӘТИЛ *пам.* окуудан бошогон учур, каникул; *тәтилдә товуранын баласы тоңпок келип калар.*

ТӘЧӘРӘ *жжол.* кир жууй турган идиш; *ичинен towруп чалып артка силксе, тәчәрәгә бир тийди.*

ТӘШ *алб.* ыкыбал, жол; *тәшинә жәрәшә немне деген баа алар экен?*

ТӘШӘ *зам.* ташта; *март адам менен жол жүрсөң жолдошуну жолго тәшәвәйт*; ◊ **аркаанды узуун тәшәп коймок** *батк.* камырабай жүрө берет.

ТӘШВИШ *пам.* 1. убара; *тәшвиш тартып калдым*; 2. *жерг.* кайгы тарткандык, жапа чеккендик; бушайман болгондук; *тынч жүрөвү деп тәшвиш кыласың*; 3. *ноок., батк.* түйшүк; *өз тәшвишим өзүмө жетерлик*; 4. *жерг.* кырсык; *от жакканда тәшвиш богон*; ◊ **ойлонбой кылынган иш–башка келтирер тәшвиш** *батк.* ойлобой иш кылсаң, онтобой ооруга жолугасың ("ташпыш, тәшпүш, тәшпиш" болуп да айтылат).

ТӘШВИШТӘНТТИР *жерг., зам.* бушайманга салдырттыр; *сени тәшвишттәнтирип койдукпу?*

ТӘШИЛ *пам.* "ууруну тап" ойнундагы төртүнчү кишинин аты; *тәшилиң жытталап тәшәп койду.*

ТӘШИНӘ *батк.* 1. кумарлангандык; *көк чәйгә ирәсә тәшинә болдум*; 2. суусагандык, чаңкагандык; *суw таппастан, тәшинә болдум*; 3. ашык болгондук; *ашына, ашыңызга биз тәшинә*; 4. кызыккандык, көксөгөндүк; *онун хәкидә тәшинә болуп жүрөм*; 5. ойго баткандык; *әйткән гәвиңә жәмән тәшинә болдум*; 6. зарылдык, ынтызарлык, муктаждык; *биздин гәвивизгә не тәшинә экен?*

ТӘШКӘ *батк.* кумар; *тәмекиси түгөнүп тәшкә болуп турат.*

ТӘШКӘЛ: **әшкәл–тәшкәл** *чатк.* көр – жер; *әшкәл–тәшкәл үйүлүп кетвесин.*

ТӘШКИЛ *өзг., зам.* 1. маалым болуу, жарыя болуп таралуу; *жоругу бүт элге тәшкил болду*; 2. *зам.* курулуп пайда болуу; *кәлхоз тәшкил болгондо рәйис әдем.*

ТӘШСӘЛМӘЙ *пам.* аркага байланган колду бут менен чечип ойногон оюндун аты; *ташсәлмәйдин тәшпушу жүдә гөп.*

ТӘШТӘ *батк.* үйрүү; *күрүчтү тәштәп тазалайт; онтпесе, тәхти бовойт.*

ТЕ *түнд.* жек көрүү, жактырбоо, кыжырдануу сезимин билдирүүчү сырдык сөз; *те, ол эмнеси экен!*

ТЕВЕГЕНЧ *алб.* тебенээк; *тевегенч атын минип алгыга баратыптыр.*

ТЕВЕГЕЧ *лейл., суз.* тебенээк: *Бакастын мингени – тевегеч жылкы.*

ТЕВЕК *өзг.* "гарч" деп аталган өсүмдүктүн бир түрү; *тевек көңдүw жерге чыгат.*

ТЕВЕЛЕ *зам., эск.* кырман басуу, темин басуу; *кырман тевелегенде "мәйдә–мәйдә гүл мәйдә, гүлгүмдөр кылып таң айда, таң атарда дагы айда, саманы саңа пайда, кызылы бизге пайда, саманыны сайдай кыл, кызылыны кырдай кыл, чәчини жуwган кыздай кыл" деп ырдайт* (азыр бул көрүнүш эскирген).

ТЕВЕН *зам.* темене; *күнүң күйсө күйсүн, пулуң күйвөсүн, бовосо тевенди тап.*

ТЕВЭЭГЕН *ыск., тяньш.* тебенээк; *тевээген жылкы тепти дейт.*

ТЕВЭЭК *батк., пам.* тебенээк; *тевээк ат тек турвайт,тек турса йәм имдирвейт.*

ТЕВЭЭҢӘЧ *батк.* тебенээк; *тевээңәч аттарды гөшкө тапшырдык.*

ТЕВИЛ *батк.* куюлуп төгүлүү; *көздөн жашы тевилвесин.*

ТЕВИМСЕК *жерг.* тебүүгө ниеттенгендик; *мен ону тевимсек богондо билип калдым.*

ТЕВИН *тянш.* малдын туяк менен карды тээп оттой турган жери; *пул күйдү – жан күйдү, тевинди кайсы жерден боолгойвуз эми?*

ТЕВИРЕ *карс.* чөбүрөнүн баласы; *невереден чивире, чивиреден тевире, олорду биз кайдан көрдүк.*

ТЕВИРТТЕ *батк.* тыбырчылоо; *бөй чакканда ат тевирттеп жүгөрөт экен.*

ТЕВИРЧИЛЕ *чүй.* тыбыроо; *айтып барбасам элеви деп, тевирчиледи.*

ТЕВИШКЭЭК *батк.* тебээнек; *кекилиги тевишгээк экен.*

ТЕВӨӨР *түнд.* текөөр; *ой мунуң жаман тевөөр го, тепкич көрүнөт.*

ТЕГӘ *пам.* сөлкөбай; *зор сүйлөгөн төрөгө, зор чайнаган төвөгө тегә барвы?*

ТЕГЕ *чүй.* тоого чыкканда тайып кетпес үчүн өтүктүн сыртынан байлап алынуучу темир; *те кайсы бала, те тээ тиги, теге тартынган?*

ТЕГЕЙ *батк.* араба дөңгөлөгүнүн чабагы; *ону тегей дейт деп, онон каган буйум тегелерини жыйнай баштады.*

ТЕГЕЛЕКИ *жумг.* суу аралаштырылбай сүзүлгөн бозо; *бозо койуу сүзүлсө, тегелеки дейт* ("тегеленки" болуп да айтылат).

ТЕГЕН *батк.* ит аяк; *ит башын тегенсе салса ыркырайт.*

ТЕГЕНЕ *батк.* жылкы менен эшектин карды шишип, сары суу алып, кээде ириндеп ооруган оорусу; *тегене–зийәнкәштик жаман оwру да.*

ТЕГЕР I *чатк.* тоонун тегерек өндөнүп келген жери; *чындыгында эле тегер, бүтүн тоwлор.*

ТЕГЕР II *ал., суз.* кандайдыр бир тегерете курулган же сайылган көрүнүш; *болсо бuwдай, бовосо куwрай деп койуп, тегерге кириштu*; **таш тегер** таштан куралган коргончо.

ТЕГЕРЕК I *тал.* дөңгөлөктүн түндүгү; *тегерек да – үй теге да, каравасак болову?*

ТЕГЕРЕК II *пам.* төрт тиш кийик; *бу кийик тегерек экен, семиз экен.*

ТЕГЕРЕК III *түшт.* жарык же толук төгөрөк түрдөгү сайманын аты; **ай тегерек** *жерг.* ай сымал тегеректелип жасалган кеште; *ай*

тегерек салган кештесин көрдүк; **бала тегерек** тоо – чокунун кичине төгөрөк келген жери; **таш тегерек** *пам.* малчылардын убактылуу гана үч – төрт күн үчүн боз үйдүн керегесин тарта койгон алачыгы; **тегерек алма** *жерг.* кооз, тегерек мөмө ала турган алманын сорту; *тегерек алма өсөт*; **тегерек баш** *суз.* дары катары колдонула турган өсүмдүктүн аты; **тегерек тапан** бети жалпак оймок.

ТЕГЕРЕНГИЧ *тал.* тегеренгенге уста адам, жандык; *бала деп жүрүп баладай башың куw болду, тегеренгич болдуң.*

ТЕГЕРЕНГИЧТИК *тал.* айлануура, тегеренүүгө устат кылуучулук; *тегеренгичтигин айтсам, алар көпкө ишенбеди.*

ТЕГЕРЕНМЕ *түнд.* капкандын чарасы менен чынжырынын бириктирген бөрктүү мык сыяктанган тетик; *тегерек калпак кийип, күл таш болбойт деп, тегеренмесин оңдоп жатат.*

ТЕГЕРЕТКИ *жжол.* тегеретип айландыра турган нерсе; *эки тегеретки бирикти, эсен келсе куп эле.*

ТЕГЕРЕТМЕЙ *жжол.* 1. чаканбеш ойнунда жеңилген киши жеңген адамды жонунан мингизип алып, айланкөчөк болуп тегерене турган жаза; *тегеретмей же эшек минди деген жазасына киши күйүтүп кетет*; 2. *пам.* улакты "чубатма" кылып тартардан мурда бир нече адам эл отурган дөңдү айланып улак тартып, атты кызытып, кимисинин колуна тийсе, баягы торпокту эл ортосуна алып келип таштап "паттага" ар кыл белек алуу (самын, чарчы, көлөч, жоолук, кур ж.б.) ойну; *тегеретмейде атты кызытат, онон чуватма болот*; 3. ордо ойнунда колдонулуучу ыктын бир түрү; *тегеретмейди колдонбой черт.*

ТЕГЕРЕЧ. *зам.* керегенин башын айланта кармай турган сызма; *кыргыздын көwнү кызылда дейт, тегеречти кызылга бойодум.*

ТЕГЕРЧЕК *жжол.* дөңгөлөктүн чабак; жыгачы; *ундай болгон топуракка тегерчек батып кетти* ("тегирчек" болуп да айтылат).

ТЕГИЛИС *чүй.* өрмөк согууда согууда колдонулуучу кылыч жыгач; *ой, өрмөктүн тегилисин сындырып алва.*

ТЕГИРТ *пам., ал.* бир нерсени тизүү, калоо; *ташты тегирт, шонте йәм, балам, баткан күндүн атар таңы бар, кош тегирмениңди* (тизенин томугун) *байка.*

ТЕГИРТМЕК *жерг., пам.* бир жерге малчылар көчүп барганда боз үй тигүүгө үлгүрө албай калганда эки – үч керегени жая салып, түндүгү жок жасалган алачык; *кеч кирди, тегирттмек кылып жүгөрөлү.*

ТЕГИРЧЕН *өзг.* арабанын дөңгөлөгү; *бул тегирчен эмне айламбай жатат, бир жери бузулгамбы?* ("тегирчик" болуп да айтылат).

ТЕГИРЧИ *жжол.* тегирич; *тегирчи дейвиз, ол өзү боз үйдө болот* ("тегрич, тегирчик" болуп да айтылат).

ТЕГИСКЕН *алб.* тикенекчеси болбогон өңү агыш, бадал өсүмдүк; *тегискен жолдун бойунда да бар.*

ТЕГМЕНТ *чүй.* күч жол; *тегментти талашса, тизе бүктүрөм.*

ТЕЖЕҢЕ *жерг.* тай жеңе; *тежеңем минген ат теген богон экен, шиш сайып айлыктырвасак бовойт.*

ТЕЖИ *ал., пам., жерг.* 1. дайынсыз басып кетүү; *тежип кеткен шекилди, үйгө кевес болду*; 2. жадоо;

тевәтәй ашкавак деп (тегерек боору жик – жик келген, өңү бозгуч ашкабак) *жатып тежиди.*

ТЕЖИТ *пам.* жадатуу; *кайын – журтту тежитпе, кайра имер.*

ТЕЗ *жерг.* бут токтобогон жылгаяк; *тез жерге онун айагы токтовойт да.*

ТЕЗАТАР *пам.* илгери мылтыктын дарысын салып жүрүү үчүн жасалган мүйүз буюм; *тезатар мүйүздөн болот, ого дәри ченеп куйдум.*

ТЕЗӘ I *жерг.* курч; бышып жетилген учур; *айдын — азасы, күндүн — тезәси.*

ТЕЗӘ II *батк.* ыкчамдоо; *быйыл эл сүүгә тегин болду, шонтсе йәм тезәп агыз.*

ТЕЗӘП I *зам.* чукул, тез; *ол жүдә тезәп эле да.*

ТЕЗӘП II *жерг.* суунун күрүлдөп катуу аккан жери; *сүүдүн тезәвиге кегенде туруштук берведи.*

ТЕЗӘПТИК *зам.* чукулдук, тездик; *әй, сен бу тезәптигиңди койуп жур.*

ТЕЗГЕЛ *пам.* козголуу, күйшөлүү, оолугуу; *арывасаң – алыс барасың, өлвөсөң – көптү көрөсүң, о тәлвиз, тезгел.*

ТЕЗГИЧ *батк.* металл нерселерге майда чаар кылып түшүрүлгөн кооздук; *тезгичти пүткөндө Әнжийәндин чивәгидән алып берем.*

ТЕЗДЕЛЕ *кочк.* бир нерсени (чөп, саман) тутамдап кармоо; *бир топ бакалдарды тезделеп кармап келди.*

ТЕЗДИК *жерг.* жылмакай; *тездик аскадан учуп кетти.*

ТЕЗИ *ноок.* жерүү; *ол эчкиң улагыны тезип, тевелеп кетти.*

ТЕЗИК *жерг.* тез жетилип өсүү; *кылыгы тез тезикти, өзү турна тарамыш экен* (жөндөмдүү экен).

ТЕЗОWУЗ *батк.* бат сүйлөмө; *маңа окшоп тезоwуз беде?*

ТЕЗЧЕЧМЕЙ *батк., эск.* ника кыйылгандан кийин келиндин арка чачынын бирөөнө жүздүк, бирөөнө оромол байлап, бир жеңе күйөө тараптан, бир жеңе келин тараптан чыгып, оромол менен жүздүктү жарышып чечип, утканы пул алуу жөрөлгөсү; *тезчечмейде жәришкәндәй болот* (азыр бул көрүнүш эскирген).

ТЕЙДЕН *ыск.* бойдон; *агам ошол тейден партйачейка болуп иштеген.*

ТЕЙЖЕ *жерг.* тай эже; *хамма жердин тоwугу тең кычкырат, тейже, билип жүрүң.*

ТЕЙЕТТЕ *лейл.* тиги жерде; *тейетте турат тез пышар өрүк.*

ТЕЙИЛГЕЛЕ *ыск.* иретке келтирүү; *майда баратып тейилгелеп, үйүн желдетти.*

ТЕЙИМ: **буйум–тейим** *тоң.* буюм – тайым; *толгон буйум–тейими бар, ошол тейден тийвейт.*

ТЕЙИН: азын–тейин *ноок.* анча – мынча; *илгери кыргыздар азын–тейин отурган, тапчы богон.*

ТЕЙИНЧЕ *тал.* боюнча; *чаап келаткан тейинче ыргып түштү.*

ТЕЙИП *ыск.* тей; *жылдын тейипи жаман эмес, апыл–тапыл ишке жарайт.*

ТЕЙКЕ *жерг.* таяке, тай аке; *тейке, дөw гарыпты урат, гарып жолдо турат.*

ТЕЙЛИ *акт.* малдын оорусунун бир түрү; *мал тейли курт болсо, илгери дарымчылар дарылашкан* (бул өзү тышы чөп, ичи курт келген өсүмдүктөн жугат дешет).

ТЕЙНЕ *жерг.* тай эне; *тейне, өз өлтүрвөйт, жат айавайт, ээ?*

ТЕЙТ *кочк.* өң – алат, кебете – кешпир, сыяк; *анын тейтин көрүп туруп баш чайкашты.*

ТЕЙТЕ *жерг.* тай ата; *базар барсаң, бахтыңдан көр деди тейтем.*

ТЕЙТЕДЕН *тоң.* боюнча; *байагы тейтеден көргөнүм бүтүн.*

ТЕЙТЕЙ *пам.* кичине кезинде эле бутуна кеп кийгизип, шыйрагын өстүрбөй койгон кыз; *тейтейлер кадырлуw богон.*

ТЕЙШӘ *жерг.* теше; *кәттә тейшә алып келдим.*

ТЕЙШӘЧИ *жерг.* теше, керки жасаган адам; *отуз уwлуw болсо, ойну башка, кырк кызым болсо кылыгы башка – деп отурат тейшәчи.*

ТЕК I *ноок.* "тывыр" ойнунда колдонула турган сөз; *бирим, эким, алма теким, сапар айым, сары чымчык, бакта турбай тез учуп чык.*

ТЕК II *зам.* тийүү; *о бечәрәгә текпе, тек койуң, келе берсин.*

ТЕКЕ I *пам.* кичинекей; *теке–теке, баса алвай койдуңбу?;* **теке минди** же **теке чавыш** майда балдардын бири – бирин чаап же минишип ойногон ойну.

ТЕКЕ II *пам., батк.* анча бийик өспөй, быдыр ала жалбырак алып чыгуучу өсүмдүктүн аты; *теке жапыз өсөт, боткогу болот* (бул өсүмдүктүн кой теке, кара теке, теке сакал, теке чәй деген түрлөрү бар).

ТЕКЕ III *батк.* тике; *теке маңдайда бир сары жылдыз.*

ТЕКЕВИР I *ал.* 1. текөөр; *кекиликке текевир чыгат;* 2. алакандын ички бети менен билектин кошулган жери; *текевириме жара чыгыптыр* (көбүнчө кычышкаак чыгат).

ТЕКЕВИР II *алб.* өкүм, алдуу; *аттын текевирин алып келиптир.*

ТЕКЕЙ *пам., эск.* чикит ойнунда балакайын кулакка коюп, анан түшүрүп жиберип чабуу учуру; *кулак текейди бүтөлү, онон кара текеге баравыз* (мөмө ала турган өсүмдүктүн аты).

ТЕКЕН: текен экен, мекен экен *чүй. текен экен мекен экен, төмөн жакта бир куш болгон экен, ал куштун аты эмне экен* (таб. бөдөнө).

ТЕКЕТУКА *тал.* арсар, күмөн; *текетука болвой кетсем болот эде.*

ТЕКЕШ *батк.* атаандашуу; өчөшүү; *бар тавагым – кел тавагым, барвасаң, келвесең, ортосудан сын тавагым деп текешпе.*

ТЕКИЙАМАТ *кочк.* бир кишилик кичине төшөк; *кокуй уйат, текийаматты айава.*

ТЕКИЙЕТМЕ *чүй, сейр.* тердик ордуна колдонулган нерсе; *күн бороон текийетмеге орон, мынаву сүт–сүт да болсо жут* (лакап; мааниси "колдо барга ыраазы бол" деген түшүнүктө).

ТЕКИЛДЕК *чүй.* тогуз коргоол ойнундагы сегизинчи оюнтун аты; *тейт, жетесиз эй, анын атын текилдек дейт.*

ТЕКИМ *батк.* кеп ойнунда колдонула турган сөз; *бирим–эким, малма теким.*

ТЕКИР: текир–тукур *өзг.* тек – тук этип үн чыгаргандык; *текир–тукур жоргосу, башында дорвосу, таңга маал азаны, тамагында казаны* (таб. кекилик).

ТЕКИРЕҢ *кочк.* жапайы канаттуунун бар түрү; *тарсылдактын арасында учуп–конуп жүрөт.*

ТЕКИРИК *карс.* белек; *маңа текирик алып койуптур, тартымы бирдей экен.*

ТЕКМАТ *чатк., өзг., жжол.* кур; *текмат жоготтум;* **аскер текмат** *тал.* маңдайында жылдыздын сүрөтү бар жазы, калың илгич, кур; *анын аскер текматын мен алам;* **кемер текмат** кемер кур; *солдат бала белин кемер текмат менен курчап алыптыр.*

ТЕКСЕР *баткч.* текшерүү; *масын менен келди, тексерет, тарuw тартымдuwву деп көрөт.*

ТЕКТЕ: окто–текте *чатк.* анда –

санда, анда – мында; *окто–текте окоттоп келет.*

ТЕКТЕТ *чүй.* сынап тескөө; териштирүү; *коргонду тектетип урдурган, көшөгө тартарды тектеп сураган.*

ТЕКТИ *суз., жжол.* кичирээк кап; *тулгадай камыр жуwруп текти жаап койдуңбу?*

ТЕКТИР *батк.* чакмак таш ойнунда таштарды бир – бирден колдун астына же үстүнө коюу кырдаалы; *тәкә чәйдин боткогуну көруп, онон тектир алганга кирдик* (анын "арпа тектир, буwдай тектир" деп эки бөлүнүш түрү да бар).

ТЕКШЕ *ыск.* тескөө; *айлывызга келгенда тергеп, текшейвиз.*

ТЕЛ I *чүй.* тогуз коргоол ойнундагы сегизинчи үйдүн аты (сол жагынан); *кара гылды суургансып, тел үйгө түштү.*

ТЕЛ II *жжол.* түгөй, тең; *таапсың телди, эми үшкүрүктү койуп* (ышкырык үчүн жасалган темир оюнчук) *ойнойсуң го.*

ТЕЛ III *тал.* эки көздү жалтыраткандык; *тел каратпа адамды, татайлап чочуп кетем.*

ТЕЛ IV *ноок.* оо, кыйшаюу; *көчкөндө көчү телвеген, көчсө жолду бервеген.*

ТЕЛВЕ *ал.* 1. жазгы – күзгү караандай суук мезгилинде кыркындан кийин койдун өпкөсүнө суук өтүп, титиретип кармаган оорунун аты; *кара кой бүгүн телве болуп калыптыр* (бул ооруга чалдыккан койлор оңой менен айыкпайт); 2. жылкынын тели оорусу; *авраван көйнөкчөндүн аты телве болуптур.*

ТЕЛГЕ: **булга–телге** *ыск.* 1. баш – аягына карабай ыплас кылуу; *булгап–телгеп да кийим кийеви?*; 2. *өтм.* аябай сөгүү; тилдөө; *аа, тиги кудай атканды кара, булгап–телгеп кирди.*

ТЕЛЕ I *түп.* деги эле; *теле сен оңбойсуң го, киши болсоң жер төшөктү өйдө алып койбойсуңбу.*

ТЕЛЕ II: **теле тегиз** *зам.* тептегиз; *теле тегиз тең дедим, тәк төшөгү кең дедим* (бешиктин олпогунунун үстүнө салынуучу төшөкчө "тәк төшөк" деп айтылат).

ТЕЛИВИ *зам.* шок, делбе; *телави тентек уvакта ашыглык кыйын дәрт болот.*

ТЕЛИШБЕ *батк.* барабар, бирдей, тең; *телишбе кылып бөлүп бер, телидей болуп каны уйувасын.*

ТЕЛКАРА *тал.* карамтыл; *телкара боз күлүк жинди тели* (жылкынын ар нерсени кемирип жаталактап, ооруган оорусу) *болгон экен.*

ТЕЛКИ *түп.* эки ача; *анын сөзү тигинден телки чыкты.*

ТЕЛЛЕ *түшт., сейр.* тердөө; *жел турганда теллеп ысык тамак ич.*

ТЕЛЛИК *лейл.* 1. ичмек; *жалаңкатын теллик дейвиз*; 2. *суз.* тердик; *мен теллик жасадым.*

ТЕЛМЕ *пам.* утур – тетир, оң – сол, ич – тыш кылып кайчылаштырылып согулгандык, кооздолгондук, өрүлүп – чалынгандык; *телме төтөгөнү бүткөндө төшөк көтөрүw жасайттар*; **алма–телме** *атб.* 1. алмак – салмак; *алма–телме карады*; 2. *пам.* төө өркөчтөнтүп түшүрүлгөн көчөттүн түрү; *алма–телме токуду*; 3. *жерг.* кыйма – чийме кылып байлоонун ыгы; *алма–телме кылып бәйлә*; 4. *батк.* чакмак таш ойнунда жердеги ташты оң кол менен өйдө ыргытып, сол кол менен тосуп алуу учуру; *кур тәштәмәй* (жоолук таштамай) *кызыкпы йә, алма–телме кызыкпы, саңа!*; **илме–телме** *ал.* сайманын эки беттелип сайылган түрү; *өзүнүн кадырыны билбеген өзгөнүн кадырыны не билсин*

дегендей илме-телмени билвесем, нетейин?!

ТЕЛПЕК *ал.* 1. төрт же алты талаа салынып, кырбы чыгарылбай, үч – төрт эли көрпө жээк коюлуп, ичиликсиз жасалган баш кийимдин аты; *тевәтәй башка, телпек башка, телпек кичкинә, төгөрөк болот*; 2. *тал.* көлөкөлөө үчүн жасалган чүпүрөк чатыр; *телпектин көлөкөсүнө отурдум*; **көк телпек** *зам.* көк тегерек гүл ача турган өсүмдүктүн аты; *көк телпек – жөтөлгө дәри, кана, әли төлгө бир кичикий үй турат деп көрүң*; **тоголок телпек** *өзг.* малакай; *о, тоголок телпек, жаман коңшуңа зарыккыча, жаман бокчоңо зарык*; **чакмак телпек** *ал.* тышына узун – туурасынан, кыйгачынан кооз кыйындылар бастырылган баш кийим; *чакмак телпеги чекесиге түшүп жүрөт* (мындан башка тышталган материалына карата: "сумсар телпек, түлкү телпек, бара телпек" деп ар түрдүү ажыратыла берет); **телпек чач** *лейл. эск.* жети – сегиз жаштагы кыздардын саамай жана арка жагынан жыйырмадан кыркка чейин майда өрүлгөн чачы (азыр мындай көрүнүш калды).

ТЕЛПЕКЧИ *ал.* 1. ар кыл "телпек" жасоого устат киши; *ол телпекчи жеңе жер казвасаң – кән чыкпайт деди гочу*; 2. баш киймин дайыма түшүрбөй кийип жүргөн киши; *үрүмчө чапан* (этеги киринди киргизилип, шырылып, "жырмач" салынып жасалган чапан) *кийген телпекчини кара.*

ТЕЛТЕҢ I *пам.* эрке; *ак телтең неме уйку алмайды иштей алвас* (атты сууткуга алган мезгилде аны уктатпай жон – белеске шамалдатып байлап, түн ичинде, таңга маал, түштө, бешимде, кечинде уйку ачып, короодо болсо, аса байлап уйкудан калтыруу учуру "уйку алмай" деп аталат).

ТЕЛТЕҢ II *чүй.* ырк келишпегендик; *өкөө элтең-телтең болуп жүрүшүп оңолушту.*

ТЕЛТЕҢДЭЭК *жерг.* талтаң – тултаң эткендик; *телтеңдээк болуп калыпсың, путуңдун тегирмен ташы* (томугу) *сынды беле?*

ТЕЛҮW *ноок.* чыйрак, бышык; *телүw болгон байталым тетиктигиң айтамын.*

ТЕЛЧИ *пам.* дайынсыз болуп кетүү; *тезәви болсун деп баштап телчип кеткен.*

ТЕЛЧУВАР *тторо.* жанаша чубагандык; *теңтең чувар телчувар, темирөдөн тер чыгар.*

ТЕМАЛВАС *тал.* жоро бозодо же кымыз ичүүдө бир нече кесе бозо, кымызды тынбай, төкпөй чачпай, дем албай ичүү көрүнүшү; *саламчыга темалвас ичирет экен* (азыр бул көрүнүш эскирген).

ТЕМБИЛ *алк.* ала – була; *колум тембил болуп калды, тез жавууну кантип жасайм* (жайында ат сууткандa жабыла турган шалча сымал жеңил жабуу "тез жавуу" деп аталат).

ТЕМГЕК *түшт.* бургулоочу куралдын бир түрү; *темгектин көп жардамы тийди, мал тегеге ар кыл нерсе жасадым.*

ТЕМГИ *жжол.* чикиттин эне таягынын башына салынган кертмек; *узун тайактын темгисине салып алып чават.*

ТЕМЕЙДЕ *тал.* демейде; *темейде бул уакта кыймыл күчөй турган эле.*

ТЕМЕНЕК *чүй.* тебенээк; *теменек ат болду, кулун кесинде тежемел эле мал болчу.*

ТЕМИКТИР *ноок.* телүү; *козуну*

темиктирип койуп, улоw бели жакшывы? дейт.

ТЕМИНГИ *жжол.* терме саймасын салып, кооздук түшүрүп жасалган сызма үзөңгү боолук; *темингини термелеп теңтушуңа бергембиз.*

ТЕМИНГИЛЕ *жжол.* чирене теминүү; *тизгинди жыйа темингилеп так түйүлттү.*

ТЕМИНЕ *чүй.* 1. кооздоп жасалган ат жабуунун чет – четиндеги асемдүү торчо; *ак кийгизгенден кийин теминеси бар жабуу салат*; 2. алгыр куштардын канатындагы өзүнчө ылдый бөлүнүп турган үлүгү; *арман кокуй оой, ителгинин теминесин билбейсиңби.*

ТЕМИР I: кош темир *жерг.* ак гүл ача турган жапайы өсүмдүктүн аты; *төшөгү жылуwта* (аягы токтоо) *темир гүлүн береви?* ("темир тикен" деп да аталат).

ТЕМИР II *пам.* "ууруну тап" ойнундагы тогузунчу кишинин аты; *сен темирди тапкыча, апаң төрөүшкө келип калды.*

ТЕМИРГАН *лейл.* жергиликтүү даны чоң өрүктүн бир түрү; *темирган өрүктүн арасыда таш көк* (майда чымкый көк чаар) *ат жүрөт.*

ТЕМИРГҮЛ *жерг.* майда тоголок кызгылт гүл ача турган өсүмдүктүн аты; *душман пахта менен да сойот, темиргүл менен да чават.*

ТЕМИРЕЙ *батк.* алая кароо, тиктөө, телмирүү; *элге жаап өтсө, маңа тамып өттү – деп темирейди.*

ТЕМИРЕТКИ *батк.* башына топ бүр байлап, жоон сымак сабак алып, каралжын бозомтук өң алган өсүмдүктүн аты; *темиретки келиптир эгин эккели, кара көң келиптир түп–түвүгө жеткели*; **курук темиретки** чакалай; **кыйма темиретки** тегерек, кызыл темгил болуп чыккан жара сымал оору.

ТЕМСЕТ *батк.* таптатуу; тепселетүү; *эгериңди көтөртүп жер темсеттиң жейреним.*

ТЕН *ыск.* жоодуроо; *тервелип тенип, мемиреп, тамшанат.*

ТЕНЕЙ I *батк.* шаңыраюу; *мурду тенейип турат, темир оwузду* (ооз комуз) *тапып бере салчы.*

ТЕНЕЙ II *батк.* көөп дердейүү; *тенейвей жүргүн, адам болсоң.*

ТЕНЕҢДЕ *батк.* ыксыз эдиреңдөө; *теneңдеп жүрсө, күлвөйт деве.*

ТЕНТЕК *батк.* 1. койдун баш айланма оорусу; *даамыңа тарык атала пышат экен, койду тентек кывай бак*; 2. жинди; *тенавул өкүрөт, тентек немеви?*

ТЕНТЕКМУШ *батк.* бою бир – бир жарым метрге чейин өсүп, бутактары шактап, кара кочкул жазы жалбырак алып, сасык жыт чыгарып, 20 – 25тен тоголок – тоголок "горо" алган, "горосунун" сырты жыш тикенек болгон өсүмдүктүн аты; *жалаң эле тентекмуш чыкканбы?* (кээде ал "бештентек, сасыккөнө" деп да аталат).

ТЕНТИ *тал.* чычалабас; *сен ойносоң ойунга тенти болуп ойногун, чыдагын, антпесең, ойново.*

ТЕНТИМЕ *өзг.* тентимиш; *ол бир тентиме, дәрвәдәр.*

ТЕҢ *лейл.* 1. бокчо, богжомол; *Кудайберди ургу жок жер сугарат дегендей, тең камдавай ашыгасың*; 2. *жерг.* күйөөгө берилүүчү сый кийимдердин бөлүк – бөлүк болуп таңгакталышы.

ТЕҢГЕ *ноок.* капчыгай; *айылды теңге жарып өтөт.*

ТЕҢГЕЛЕН *жжол.* жылдыздоо; *суу теңгеленип жылтылдап агып жатат.*

ТЕҢГЕР *зам.* аралыкты, жакшы пикир мамилени иритип бузуу; *эки досту теңгерип, кылвасын кара акылын.*

ТЕҢГИЛ I *жерг.* темгил; *сенин бетиң теңгил болуп калыптыр.*

ТЕҢГИЛ II *ал.* ала – була; *тескейдин теңгил талаасы бар.*

ТЕҢДЕМЕ *батк.* тараза; *жаап өткөн жамгырдан жылып өткөн суw жакшы деп, теңдемеге басып кетти.*

ТЕҢДЕШ *жерг.* 1. курбу, курдаш; *о, тендешим, тамырың менен тыт кагасың*; 2. *алб.* бирдей болуп аралашкандык; *өзбектер менен биз теңдешпиз да.*

ТЕҢЕРЕВ *түшт.* желдик; *куру намыз көрк бервейт, теңеревиңди оңдоп ал.*

ТЕҢИЛ *жерг.* теңир; *теңилим сүйгөн бәндә болсо, теңиз киши болуп калат.*

ТЕҢКИ: аңкы–теңки *пам.* өңдүк – сөйдүк, астын – үстүн; *аңкы–теңки боло түштү, теңкейип уктап жаткан неме.*

ТЕҢКИЙ *ыск.* теңирейүү; *жырыкты карасаң, о кудурети, көкө теңир күштүүсүң – деп теңкийет.*

ТЕҢКУР *зам.* теңтуш; *теңкурлардын бирисиң, энди тенип–түнөп жүрвөссүң.*

ТЕҢОРОW *зам.* көрпө – жууркан ороп коё турган орооч; *теңорow менен көрпө, балыш оройт.*

ТЕҢСЕЛМЕ *түнд.* комузда чайпала чертип, колду ойноктотуп, түрлөнткөндүк; *сулуу сулуу эмес, сүйгөн сулуу – деп теңсемени айдатты.*

ТЕҢТАЙ *суз.* түгөй, курбу; *элинен кеткен теңтайым эрикпей жатып уктасын* (кээде "тенпай" деп да айтылат).

ТЕҢТЕҢ *ыск.* тып – тып этип баскандыкты туюндурган сөз; *теңтең этип келип бутка бир теппесин.*

ТЕҢШЕРИК *батк., эск.* бирөөнүн жерин, үрөнүн алып, аны айдап, багып өстүрүп, түшүмүн жыйнап, тең бөлүп алгандык; *теңшерикте жарымын алган* (теңшерик эгинчиликке гана байланыштуу болбостон, башкача аткарылган иштерде да болгон).

ТЕП I *жжол.* уя салуу; *кызыл ала туруmтай ээй, кырга уйа тәптир ээй.*

ТЕП II *тал.* 1. ашып – ташуу; *суw тевип жатыры*; 2. *базк.* жер күрөктөө, күрөктөп айдоо; *мектептин этәрәвин бут тептик.*

ТЕПӘКАЗАН *өзг.* көмөчтан; *ал нанды тепәказанга бышырды.*

ТЕПЕК *батк.* кичине аянт; *тепек жерде тевишип өтпөсүн* (кармашпасын, тиштешпесин).

ТЕПЕЛЕК *тал.* жайдын ысык күнүндө музоого күн өтпөс үүн үстүн гана жаап, жанжагын ачык койгон сарайча; *тепелекти күн өтпөс үүн жасашат.*

ТЕПЕНӘЗӘР *зам.* кыйынсынган, бышыксынган, чыйраксынган кодо; *там жаптыга тепенәзәр дә баравы?*

ТЕПЕҢДЕ *батк.* делдектөө; *тепеңдевей тынч отур, тепең–тепең этип теминбе.*

ТЕПЕР *алк.* мак ойнунда пайдаланылчу кичинекей таш, топчу, темир ж.б. нерсе; *менин теперим менен ойносоң калвайсың.*

ТЕПЕТЕЙ *жерг.* кыздар үүн жасалган кооз топу; *тепетей кылса жарашкан кундуздайсың, ак Дилвар.*

ТЕПЕТЕП *жжол.* такыйа тепти ойну; *тели–теңтуштары келип, тепетеп ойноп кетти.*

ТЕПИЙ *түшт.* тапан; *Үсөн тепий бала, жол бойунда жоор эшек теңшелет деп күлдүрдү.*

ТЕПИЛДЕК *түнд.* тепилдеп бат – бат сүйлөп, же бат – бат кыймылдаган кичине, арык киши; *кудайдын бир тепилдеги жарбагыр, дегеле жаагы–жаагына тийвейт.*

ТЕПИР *жерг.* темир; *теңир тапан үзөңгү теппей ыргып миндичи.*

ТЕПКЕ I *батк.* тыным, жай; *тепкесини жеп, жәй әвәйт.*

ТЕПКЕ II *батк.* атлас товарындагы жол – жол из; *тепегей кийимдин жеңи бовосо дә, тепкеси болову?*; **сегиз тепке** эни анча чоң эмес атлас товар; **он эки тепке** эни жазы атлас ("тепки" болуп да айтылат).

ТЕПКЕК *атб.* тепке; *комуздун тепкеги жок ко, болбосо куйругу татты наваттай койдон жакшы бар бекенди айдатат элем.*

ТЕПКЕН *пам.* 1. капкандын ортосуна тигилген кичине жыгач, темир; *капкага татына тепкен жасаптыр*; 2. *пам.* чычкан кармоо үчүн салына турган кичине капканча; *тепкен менен чычкан кармады.*

ТЕПКЕЧЕ *өзг.* 1. тээк; *ташкен талдан* (бир тамырдан туш тарапка чачырап өскөн майда – майда каралжын келген тал) *тепкече жасады*; 2. *батк.* таар сокондо жиптерди керип коюучу таякча; *таш мөндүр тепкечени уруп кирди*; 3. *пам.* комуздун тепкесинин элесин берген көчөттүн аты; *тепкече үч жиптүw болуп согулат.*

ТЕПКЭЭК *лейл.* тебенээк; *тепкээк кулун кой текени аралал баратат.*

ТЕПКИ I *жерг.* мылтыктын спусковой крючогу; *тепкини басканда эле тарс дей түштү.*

ТЕПКИ II *өзг.* баскыч, тепкич; *молдо акенин селдеçи бир кучак, тепкиси беш кулач.*

ТЕПКИ III *ал.* күл чыгаргыч калак; *оттогу күлдү тепки менен ал.*

ТЕПКИ IV *ноок.* эгиндин даны кызыл жол – жолу бар сорту; *эгинден тепки берип, таш мончок* (упа таштан жасалган арка мончок) алат.

ТЕПКИЛИК *өзг., батк.* тепке; *сегиз тепкиликтин баасы алты сомдон.*

ТЕПКИН *чүй.* үрөй, сукан; *камчысын сууруп алып, кишиге тап берип, тепкининди.*

ТЕПКИЧ *тторо* 1. сайма, оюунун бир түрү; *тепкичти сайа билет*; 2. темир күрөктүн сабы менен бажынын ортосуна өткөрүлгөн жыгач; *тепкичтин ортосуну ойуп, дәстәгә өткөрөт.*

ТЕПКИЧЕ *пам.* асма көпүрөнүн тепкичи сыяктантып сайылган көчөт, сайманын аты; *тектеле тепкичени тааргa кыйын салат.*

ТЕПМЕ *батк.* 1. бут менен тээп жасалган нерсе (кийиз, таар ж.б.); *тепме алып кыз берген – ол атаңдын нускасы*; 2. кокус өлгөн малды тээп, жаны – бар жогун би́лүү жолу; *чоң атаң конгон чоң конушта мал жатат, тепме кылып көр*; **тепме мәшийнә** *батк.* бут машина; *тепме мәшийннәни бут менен тигеттер*; **тепме чай** *тал.* кирпич чай; *илгери тепме чай болчу эле.*

ТЕПТИ: **Боромбай тепти** *өзг.* баш кийимди чогултуп байлап алып, анан эки топко бөлүнүп, баштан ашыра тээп, утканын уттурганы көтөрүп ойногон оюн; *текийедей тепейип, теке сакал жеп жүрүп, ойногону боромбай тепти* (бул оюн азыр эскирген).

ТЕПЧИ *ноок.* көңүлгө өткөн – кеткенди көп түйүп, эске сактап, аркы – беркини жакшылап талдоо; *ол әкәм әбдән тепчиген киши.*

ТЕПЧИМЕ *жерг.* "дүрүйә" жоолугуна салынуучу сайманын бир түрү; *дүрүйәң чети тепчиме, онуң тәрипи.*

ТЕПШИ I *чүй.* уйдун эмчегинин жондонуп шишип оорушу; *уйум тепши болуп ооруптур дейт.*

ТЕПШИ II *тторо.* тоонун эки жагы жантагай тик, таманы түз, узун сүйрүчө келген ойдуң жери; *тепши колотто конуш бар.*

ТЕР I *түп.* кроватка жабуу үчүн жиптен согулуп жасалган саймалуу

кооз жапкыч; *биз ак чабакка баравыз, сен териңди бүтүрүп ал.*

ТЕР II *пам., жерг., батк.* чакмак таш ойнунда таштарды жекеден, экиден – үчтөн, анан барып чогултуп алуу кырдаалы; *биздин тер ойнувуз бардыгыга тәмин* (бул "тер" өз ичинен "жәкә тер, эки тер, топ тер" болуп ажыратылып айтылат).

ТЕР III: көр–тер *ыск.* ар кыл эски – уску буюм – тайым; *куржунга көр–терин салып ийнине көтөрүптүр.*

ТЕР IV *жерг.* 1. чайкоо, чайпоо, жорголоо; *жорго терип бараматат*; 2. *кочк.* эгиндин ала жерине сууну жай жана аздан сиңире жайып сугаруу; *эгинди аласын терип сугар*; *карс.* чакалай, темиретки сыяктуу ооруларды чегип дарылоо; *темиреткини тергенде май жолотпойт.*

ТЕРӘӘҢӘЧ *батк.* теримчил; *пахтаны көп терген киши терәәңәч болот.*

ТЕРВЕЛ *өзг., батк., ал.* көшүлтүү; *кыз ойунду тервелтип ырдады.*

ТЕРВЕЛЕҢ *жжол.* тынчы жок, тыбырчылап турган шок; *тервелең атты карматып тердетип минген мен элем.*

ТЕРВЕН *өзг., батк., ал.* титирөө; *дүвүр–дүвүр дүп келет, чыгып кара ким келет, узөңгүсү шылдырайт деп жатсак, жер тервенген.*

ТЕРВЕПТЕН *ыск.* ой – кыялга чөмүлүү, термелүү; *мелтиреп, кыйал тервептенип калган.*

ТЕРВЕТ *өзг., батк., ал.* титиретүү, терметүү, чайкалтуу; *айагыдан шамал өтүп турса богону терветет.*

ТЕРВЕТКИ *ноок.* 1. чайкалып, термелип турган көрүнүш; *бешик терветки кайда әкен?*; 2. арбагай буттуу жандыктын аты; *нәс басып уктап кавасам бешик терветки таап кегиче, теке мүйүздү пүтөм.*

ТЕРГИ *батк.* чапкыны чыңоо; *чалгыны тергип кой, онон таргак тишти көрсөт.*

ТЕРГИЧ *лейл.* 1. терме таарларды соккондо эриштерди терип кеште түшүрө турган жука, кичине тактай аспап; *таарды тергич менен терип согот*; 2. *пам.* сайма – көчөт түшүрө турган илмек куралдын аты; *айылдын ашы пыштывы, чәйин–чүйун иштиви? деве, тергичти тап*; 3. *жерг.* орок, кетмен, күрөктүн мизин чыгаруу үчүн устачылыкта колдонулчу балка; *бизде кичик балка, кәттә балка, тергич колдонулат.*

ТЕРДЕТМЕКЕЙ *тал.* той бергенде жакын туугандарга, меймандарга атайын көрсөтүлгөн сый; *тердетмекей. той бергенде болот, ошондо үсөнөктөрдү да көрөсүң.*

ТЕРЕ: бура–тере *кочк.* 1. бөлөк – бөтөн, башка; *аны мен бура–тере көрө албайм*; 2. кылчая карагандык; *бура–тере кароого буйамасы келбеди.*

ТЕРЕВЕЛЕ *түшт.* сылоо, сыйпоо; *көгала сакалын теребеледи.*

ТЕРЕГЕНЧ *алб.* терээнек; *тыталак болвой терегенч бол.*

ТЕРЕГЕЧ *батк.* тергич; *кыздар жүдә терегеч болуптур.*

ТЕРЕКЗӘР *түшт.* теректүү; *терекзәр токой эде, шого барып терек жулмай* (күч сынап 2 – 3 жылдык терек жулуп ойноо) *ойношот.*

ТЕРИ *батк.* 1. чыңоо; *ол киши силердин чалгыны терип берет*; 2. курчутуу; *узун торсунду чавышка тәшәни териди.*

ТЕРИМ I *түнд.* камчы жасоо үчүн тилинген кайыштын өрүмү; *камчынын терими да оңойwиш эмес.*

ТЕРИМ II *ыск.* кызмат – жай; *мына эми кызмат–теримин эстеди.*

ТЕРИМСЕК *жерг.* терүүгө

ниеттенгендик; *эртеге окуwчулар кәртишкә теримсек болдулар.*

ТЕРИНДИ *пам.* курама; *Дәмирде теринди халк кәп эде.*

ТЕРИНЧЕК *ыск.* жыйып – терип алган нерсе; *тиги теринчектерди бир жерге додолоп кой.*

ТЕРИСКЕН *батк., жерг., пам.* өңү агыш келип, ак гүл ачып тикенектүү келген өсүмдүктүн аты; ак терискени тумактай, ак салыгы улактай ("тескен, терсикен" болуп да айтылат).

ТЕРИТ *жжол.* алап – топон; *уйдун торпогун теритке шыкап жатам.*

ТЕРИЧИ *ыск.* териге жабышып, зыян келтирүүчү ар кыл мите; *мителер көп, анын ичинде теричи дегени да бар.*

ТЕРЛЕ *өзг.* тердөө; *өг, шул жерге келгенче, терлеп кеттим.*

ТЕРЛЕТМЕ *зам.* келтенин бир түрү; *Улкамай терлетмеден кетти* ("тердеме" болуп да айтылат). *Азыр мындай атоо эскирди, энди ол оwру жоголду.*

ТЕРЛИК *пам.* ичмек; токум; *терлиги менен ат бошонуп кетиптир.*

ТЕРМЕ I *пам.* 1. терилип согулган көчөттүн бир түрү; 2. *ушул көчөт салынган таар* (термеге төмөкүдөй түр, сайма, оюу түшүрүлөт: 1. карлыгач канат; 2. ит куйрук; 3. турна катар; 4. карга тырмак; 5. кырх шах; 6. тай туйак; 7. тул көчөт; 8. терс кайык; 9. ит таман; 10. кой көз; 11. аркар мүйүз; 12. теке мүйүз; 13. гүлжа мүйүз; 14. чычкан изи; 15. койон изи; 16. сүлөwсүн тырмак; 17. сугур тиши; 18. аңгыр тумшук; 19. улак секирик; 20. ширээлжин; 21. балгын көчөт; 22. пахта көчөт; 23. жөргөмүш көчөт; 24. кой шывак; 25. каттама көчөт; 26. тал пәрки; 27. каргымак; 28. терскей пәрки; 29. топчу баш; 30. чөмүч башы; 31. комуз башы; 32. ала мончок; 33. ийрек; 34. бастырма; 35. тумарча; 36. бешилик; 37. таргак тиши; 38. бычак учу; 39. чөмүч сап; 40. тогуз дөвө; 41. пүтөw кочкорок; 42. пүтөw камык; 43. эки үздүw көчөт; 44. жүл көчөт; 45. ыспылы кочкорок; 46. ыспылы кайык; 47. бертик; 48. алтымыш жиптүw ай нуска; 49. бәли – бәли; 50. бөйрөк көчөт; 51. сагак башы; 52. багжагай; 53. пүтөw ысвылы; 54. көптүрмө; 55. таңдайы көчөт; 56. тез кайык; 57. булбул чечме; 58. газ айак; 59. сувайы; 60. гажары; 61. пычак учу; 62. кочкорок; 63. кайкалак; 64. кош мүйүз; 65. пашайы көчөт; 66. чагырмак; 67. шак; 68. омуртка; 69. кыял, ийрек; 70. ала мончок ...); 3. **кара терме** *алк.* 1. бир жак гана бетине кооздук түшүрүлгөн оймо, таар; *келиндер кара терме согуп жатышат* (кээ бир жерде ал "тоок көз" деп аталат); 2. *лейл.* боз үйдү курчай турган боонун бир түрү; *кыргыз үйдүн кажары, эки жүздүw каш терме дейт*; 3. комузду бурап күүгө келтирүүнүн бир түрү; *комузчу тер менен баштады*; 4. *түп.* кийизден оюп жасалган жабык баш; *кийизден терме жасачу элек*; 5. *тторо.* тоо ичиндеги өөндүн шагыл таш баскан жерин тазалап салынган жол; *жайлоого баратканда, Кош-Булактан нары терме жол бар.*

ТЕРМЕ II *чатк.* боз үйдүн алдыңкы үзүгү; *алдыңкы үзүктү терме дейвиз, анда да боп болот*; **терме бow** *жжол.* сызма; *тогуз катар торкодон токтучагым териси дегендей терме бowум пышык*; **терме таар** гүлдөрү терилип согулган кооз таар; терме таарды үйгө асып койдук (терме, тегирич, кажары, букары, беш кеште техникалык жактан бир түрдүү терүү жолу менен согулат).

ТЕРМЕ III *акт.* жаш балдардын тилинин жээги кызарып чыккан оорусу; *бала терме болсо, илгери ийне менен сайгылаган* (азыр мындай көрүнүш жок).

ТЕРМЕ IV *чүй.* ичке тилинген он, он алты же жыйырма төрт, отуз алты көктүн "ийчиге" керип, бирин басып, бирден терип, төрттөн талы жупташып, сегиз жолу терилип өрүлгөн камчы; *ал чевер камчынын терме жеген өрүмүн мыкты билет* (бул өрүмдүн бир талынан жаңылса, тескери кетет, бир талы үзүлсө уланбайт).

ТЕРМЕ V *пам.* талкалагыч, кырып – жойгуч; *төшөк каптар бовосо, терме боло веденҗ?*

ТЕРМЕ VI *лейл.* терметүү; *баланы термеди.*

ТЕРМЕК *батк.* тердик; *термекти жакшы сал, жылышып кетпесин.*

ТЕРМЕКЧИ *тяньш.* ар кыл сызма буюмдарды терип согууга устат аял; *термекчи экени боз үйүнөн эле байкалды.*

ТЕРМЕЛДИР *ноок.* титиретүү, чайкалатуу; *бойуну термелдирип көтөрүлдү.*

ТЕРМЕНИ *жерг.* жыйып – тергич; *мен термечимин, мени таппай кавагъыла.*

ТЕРМЕЧИК *алб.* өнү кызыл, бою бийик өскөн өсүмдүктүн аты; *термечикке барып азап тепки жедиңби?*

ТЕРНЕ: жыйна–терне *түнд.* жыйнап чогултуу; *жүктү жыйнап–тернеп жүргөндө бир искесем жетет.*

ТЕРПИЛ *ош.* козголуу; *былк этүү; тепсе терпилвейт, чапса чарпылвайт.*

ТЕРСИЛ *зам.* жерүү; *кой баласыдан терсилип кетет.*

ТЕРТЫРМАК *ноок.* жалбырагы калдайган чоң (тикенек алып өскөн өсүмдүктүн аты; *тертырмактын жалвырагын партаң же ат кулак деп койот.*

ТЕРҮW: таш терүw *батк.* тамдын, дубалдын түбүн бирдей таш менен тегиз кыйгачтатып, бир нече катар кылып, катардын аралыгына "кыша" коюп тизип чыккандагысы; *пайдувалды таш терүw кыгамбыз.*

ТЕРЧИ *түшт.* келгин; *жар башында жарканат, жатып алып карганат деген терчинин сөзү.*

ТЕС *ыск.* 1. жөн, тартип, ирет; *теске келтир, болбосо тестен чыгып кетет;* 2. *тоң* шаабай; *бу иштен тесим жаман сууду.*

ТЕСВЕ *ал.* көндүм болгон ык, жол, салт, адат; *ол жүрө верип тесведен чыгыптыр.*

ТЕСЕЛДЕЙ *өзг.* жөн эле; *теселдей сөзүңдү айтып жатам.*

ТЕСКЕЙКИ *ыск.* тескей тараптагы; *тескейки тоого күн жарака, текечер түшөт ылдыйлап.*

ТЕСКЕЙЛИК *лейл.* күн көп, ачык тийген жак; *тәмеки тескейлик жерге чыга берведи.*

ТЕСПЕ *батк.* колдонулуудан чыккан, жараксыз болуп калган; *ол шондойдугудан теспе;* ◊ **теспейди унутпа, акылдан адашпа**; *теспеңди унутпай түзүк болуп отур.*

ТЕСПЫШАР *батт.* өрүктүн эрте быша турган түрү; *теспышардан терип келчи, балам.*

ТЕСТӘВӘЛДӘ *түшт.* түк, такыр; *тестәвәлдә этиварына алвай жүрчү.*

ТЕСТЕ *атб.* арааны курчуткандан кийин кайра жылмалап түздөө; *арааны тестеп ал, анан терген боону* (эни 10 – 15см келип, өрмөккө салынып кооздолуп жасалган үзүк боо) *көрсөтөлү.*

ТЕСТЕПКИ *жерг.* сүйкүмдүү; *тестепки учурган киши маңа кол сунду.*

ТЕТЕ *лейл.* дейре, чейин; *ого тете бүрөwүс жем беревис та.*

ТЕТЕРЕГИ *ыск.* те береги; *тетереги жерде диң–диң чолок жер казат.*

ТЕТИ *алб.* тынч албай бушайманануу; *колум тийвей четинен бозойдун көөнү тетиген.*

ТЕТИЙЕК *жжол.* тетиги жак; *ийне тетийекте турат, тең берип карачы* (моюн сунуп карачы).

ТЕТИЙЕКТЕ *жжол.* тигил жакта; *тетийектеги коктуларды бөгөйт, анан тескейликке өтөт.*

ТЕТИК I *пам.* 1. торпоктун моюнчасына байлануучу кыска тээк жыгач; *торпокту тетигинен бекемдеп бәйләди*; 2. капкандын бир деталынын аты; *капкада бир тywра тетик, бир узун тетик болот*;

ТЕТИК II *түшт.* 1. бышык, чыйрак; *ол бала – тетик бала*; 2. соо – саламат; *үкәм, кандай, тетиксиңби?*

ТЕТИК III *ноок.* телчигүү; *желеде козу тетиксе, гәптин терселдейи шондо дә.*

ТЕТИКТИК *жерг.* бышыктык; чыйрактык; *тетиктиктен арыган жок, тесбисин санап отурат.*

ТЕТИЛ *лейл.* 1. бышыгып чыйралуу; *темене канат тетилет, тегиз куйрук жетилет;* 2. *пам.* оңолуу; тотугуу; *эртеги күнүн кеч кылбай теке кайдан тетилди.*

ТЕТИНОГУ *тал.* тетиги; *тетиногуларга жээн болот* ("тетинөгү, тетинеки" болуп да айтылат)

ТЕТИРИ *жерг.* чакмак таш ойнунда таштарды кол кайруу менен алган учуру; *жетим болуп жетилди, өз алдынча тетилди, энди тетири алып отурат, көрдүңбү?*

ТЕШЕ *түшт.* 1. колго жасалган чот, керки, балта; *тешенин мизин кайтарып турат*; **бай теше** узун саптуу чот балта; *уста әкәм бай тешеси менен иштеп жатат*; 2. **балта–теше** *жерг.* бир жагы балта, бир жагы керки кылып жасалган буюм; *жәйлөwтө бир балта–теше болсо болот*; **кол теше** кичинекей керкинин бир түрү (усталар колдонот).

ТЕШЕГЕНЧ *алб.* тешээнек; *аскадан мылтык сунгучаң, тешегенчиң тешип кетсин.*

ТЕШЕЛЕ *өзг.* теше менен чабуу, кесүү; *устасы тешелеп турду тетевереги жерде.*

ТЕШЕЧЕ *түшт.* кичинекей керкиче; *жерден чыгат шәйләнип, абдестесин бәйләнип әми тешече менен казып ал.*

ТЕШЕР: казан тешер *батк.* 1. өңү боз, майда жалбырагы бар, тоо таштардын арасына чыгуучу тикендүү өсүмдүктүн аты; 2. **кашкар теветәй** (ичи көрпө, сырты материалдан жасалган, кээде ич салынып капталып тигилген, кырбу чыгарылып, төрт элидей көрпөлүү, жээк салынган, кырбусун түшүрсө тарып, кайырса кеңип турган баш кийим) *кийген бирөw казан тешер чаап жатат.*

ТЕШКЕР *лейл.* текшерүү; *чалгы жакшы терилиппи, тешкерип көрчү.*

ТЕШКЕРИЛ *лейл.* текшерилүү; *әди жетсе, тешкерилип көрсүн.*

ТЕШКЕРҮW *лейл.* текшерүү; *ол әкистигини койвосо, бир тешкерүwтө түшөт ко.*

ТЕШКЕРҮWЧҮ *лейл.* текшерүүчү; *алтыным аппак жүзүңдү әлейне, көрвөй жүрөмүн – деп, чозот да ол тешкерүwчү.*

ТЕШКИВ *зам.* тешкич, көзөөч; *тешкирди берчи, онон айтам.*

ТЕШМИШ *тал.* буюм – кече; *сенин дагы кандай тешмишиң бар?*

ТЭЭ *түнд.* күчөтмө сөз; *тээ бир үйгө жолоп койсоң боло.*

ТЭЭЙИТИ *кочк.* сыягы; *тээйити Төлөгөн аны менен орусча сүйлөшсө керек.*

ТЭЭК I *батк.* 1. жазылыгы беш, эни үч см. келген, бети кооздолгон,

шуруланган, "пэпик" тагылган, аялдар кадап ала турган кооздук; *тээкти бойломого өткөрчү эделер*; 2. бүркүт кармоо үчүн жайылган тордун жыгач же эчкинин мүйүзүнөн жасалган үч көзөнөктүү деталы; *тээкти ортоңку көзөнөктөн өткөрөт*; **күмүш тээк** *жерг.* моюнга тагыла турган мончоктун ортосуна кошуучу кооздук; **ургаачы тээк** *түнд.* капкандын серпөөрүн тикесинен тээктей турган кертмеги бар тетик (кээде бул тээк "үстүңкү тээк, чоң тээк, тике тээк" деп да аталат); **эркек тээк** капкандын серпөөрүн туурасынан басып туруучу тетик (кээ бир жерде бул тетик "көлдөлөң тээк, туура тээк, астыңкы тээк, серпөөр тээк" деп да аталат).

ТЭЭК II *пам.* 1. кулун, торпоктун моюнчасына туурасынан өткөрүлгөн 10см. өлчөмүндөгү бертиги бар жыгач (бул жыгачка аркандын сыдырмагын өткөрүп, малды казыкка байлап коёт); *торпоктун тээгин сындырып алва;* 2. *түнд.* капкандын серпөөрүн жаткан абалында кармап туруучу жыгач; 3. *ыск.* кергич; *тээкке керип көрсөтүп берген сайманы сайат*; 4. *түшт.* күмүш кооздуктун бир түрү.

ТЭЭК III *жжол.* тияк, тигил жак; *казасы жетип күн бүтсө, тээкке кете берет.*

ТЭЭК IV *тоң.* алымсынуу сезимин туюндуруучу сырдык сөз; *тээк, үстөк болду го дейм.*

ТЭЭКТЕ *түнд.* аңдын бир бутун көзөп ага экинчи бутун байлап коюу; *тээверегил аңды тээктеп койуптур.*

ТЭЭРИ *пам., ноок.* тери; *жылвыган тээри – ийрекчи иштетет*; ◊ **ийленген тээри** көптү көргөн; *тээридей чылгый кара мүртөз.*

ТИГЕГЕНЧ *алб.* тигээнек; *тэмеки пэрникке барсаң, байагы тигегенчке кезигесиң.*

ТИГЕГЕЧ *жерг.* ишмер, узгер; *тигегеч әйәл болгон эде.*

ТИГЕЛ *түнд.* күмүш эрите турган табакча; *атам ти дүйнөгө кеткенде калган тигел.*

ТИГЕР: ак тигер *пам., ал.* жыйырма чакты уугу, кичине чамгарагы бар жеңил боз үй; *ак тигердин жаныда болсо yw, бовосо cyw дептир* ("ак тыгыр, ак төгөр, ак тегер" болуп да айтылат).

ТИГЕРТМЕК *пам., ал.* кичинекей жеңил боз үй; *тегирттмекте отуруп ун жегизүw кыгандар* (бул ырым азыр жасалбайт, бирок мурда ал орун алган экен. Аны төмөнкүдөй жасашыптыр: удаа – удаа эле баласы көз жума берген эне кийинки баласын бир аз чоңойгондо баланын башын унга жакындатып "унду жейсиңби, уданды жейсиңби?" деп ырымдап, баласы үч жашка чыккыча атайын кийим тигип бербей, чачын устара менен кырдырбай, бала үчкө толгондо мал союп, кичине той кылып, анан этти аябай шылынта бышырып, таза ак сөөктөрдү ак нерсеге ороп, көрүстөнгө апарып таштап, шаан – шөкөт өткөрүү көрүнүш болгон экен. Азыр бул эскинин калдыгы катары жоюлган).

ТИГЭЭН *зам.* типтик; *бир тигээн эгиз томдун арасыга апарат.*

ТИГИМСЕК *жерг.* тигүүгө ниеттенгендик; *өзүгө көйнөк тигимсек болду.*

ТИГИМЧИ *чүй.* кийим тиккен адис; *анын курвусу тигимчи, көлдүн тескейинен келген.*

ТИГИН I *батк., ноок.* тик, жалама бет, эңкейиш, өр; *тигин деп өрлөштү, тикти айтавыз* ("тикин, текин, тегин" болуп да айтылат).

ТИГИН II *тал.* тегин; *тигин жерден өрт чыкпайт.*

ТИГИНАКА *чатк.* тигинекей; *тигинака кашык турат, алып ичиң.*

ТИГИНЕЙЕКТЕ *алб.* тигинде, тиги жерде; *тигинейекте бирөwсү эле жүрү, ат териге* (бир аз дыбырып жааган жаан) *калат шекилди.*

ТИГИНЕКЛИКТЕ *тоң.* тигинде; *тигинекликте отуздан ашкан сарыгат айал турат.*

ТИГИНОWУ *зам.* тиги; *тигиноwу биздин ат бойун терини* (ат таптаганда ичтейин ачуу учуру өткөндөн кийин отуз күндө атты жылуулап жаап, күндө өз убагында откоруп, сугарып, желдирип, ымшытып, анан моюн терин алып таптоо мезгили) *агамбыз.*

ТИГИНОГУ *тал.* тиги; *тигиногу топ этти, тоголонуп кетти* (таб. төөнүн корголу) *дейт.*

ТИГИНӨГҮ *тал.* тигиногу; *тигинөгү үч күндөн бери тиш кыйа лек.*

ТИНӨГҮ *тал.* тигинөгү; *тинөгү чоwду оңдоп кой* ("түнөгү" болуп да айтылат).

ТИГИНЧЕ *батк.* тикесинен; *боwлорду тигинче койот, сары чевиртке консо, ого залалы жок, сәйрәй берет.*

ТИЗ *түшт.* тизе; *шалы тестелеп жүрүп тизи кеткен сөгүлүп.*

ТИЗӘӘҢӘЧ *батк.* тизгичил; *сен тизәәңәч экенсиң, кәсәдәги дәнекти тез эле тизип койдуң.*

ТИГИШ *пам.* 1. жамаачы; жамак; *хәригүш жәйлөwдө далай тигиш кыган иде;* 2. учук, тигим; *барат – барат, оwзу ачылып калат о кәсәптәтин, тигишини тартып ал.*

ТИЗГИН *тал.* 1. кийиз жасаганда чабакталган жүн оролгон чийдин ортосуна эки учу түйүштүрүлүп байланган жип; *чийдин тизгини жоон болсун, болвосо колувузду кесип кетет;* 2. *тторо.* чалгынын мойну менен жаагын бириктирген ичкерээк туура темир; *тизгинди бекем болсун деп салат да чалгыга;* **жәкә тизгин** *пам.* жүгөндүн оң жагына тагылган кайыш чылбыр; **тизгин берди** кол, топ баштаган адам; **тизгин орток** *атб.* ууга, салбырынга бара жаткан адамдарга жолдон кошулган киши; *тизгин ортокко бирдеме берилеви?*; **тизгин салуw** *жерг.* тизгинди ээрдин кашына ороп коюп улак тартуу ыгы (бул ыкка көп жол берилбейт, анткени андан ат, адамдын кырсыкка учурашы көп болот) **тизгин тартар** той – кечелерде ыр ырдагандарга же башка бир сыйлуу кишилерге өзүнчө көрсөтүлгөн, берилген сый, белек; **тизгин чечмей** *пам., эск.* казыкка байланган аттын чылбырын тиш менен чечип ойноо ойну; *тизгин чечмейде үлпүнчөк* (жаңы келген келиндин бетине жабыла турган жука үлпүлдөк жоолук, материал) *утуп аган* (азыр бул оюн эскирип, ойнолбой калды)

ТИЗДЕ *тяньш.* 1. төөнүн мойнуна аркан салып чегөрүү; *тетигил төөнү ким тиздеди?;* 2. *ал.* жылкыны укуруктоо; *маңа тээк болсоң, о жылкыны тиздеп бер.*

ТИЗЕ *жерг.* 1. "ховнәпәрәк" ойнунда улам бир баланы колун тизесине койдуруп, бүкчүйгөнгө үстүнөн секирип ойногон кырдаал; *бир миң чечек, бир жапырмак* (таб. жылдыз, күн – ай) *дегенди билвей койду эде, тизе кылды;* 2. *пам.* чикит ойнунда балакайын тизеге кош чабуу учуру; *эки теңи келди, энди темир чыракты* (лампаны) *койун, тизе ойнойт да;* **чөк тизе** *пам.* чөгөлөп отургандык; *чөк тизе отургузуп, камчы менен окутат эде* (илгери окуунун көрүнүшү жөнүндө); **тизе кийими** *лейл., пам.* эркектин ыштаны; *тизе кийим кийишет* ("дамбал" деген сөз орой, одоно угулат); **тизенин көзү** *батк.* тизенин томугу; *тизенин көзү оwруган;* **тизе басты** *жжол. эск.* кыз – күйөө тоюнда күйөөнүн тизесин

балдыз, жеңелери баса отуруп, белек өндүрүп алуусу; *жездеn тизе бастысына эмне калып келиптир* (азыр бул көрүнүш эскирген); ◊ **иштәнсиз тизеси жыртыкка күлөт** *лейл.* жыгылган ооганга күлөт; **тизеңди кучактап өт** *ош.* бойдок жүр.

ТИЗЕГЕНЧ *алб.* тизээнек; *тизегенчтин каавына калып айтышпа.*

ТИЗЕЛЕКЕЙ *жжол.* "чаканбеш" ойнунда "көмөч" жана "супура" фазасында чаканды тизелеп атуу ыгы; *чаканды өвөк койуп же тизелекей кылып атат.*

ТИЗЕЛЕШТИР *жерг.* доолаштырып айтыштыруу; *олорду тизелештирип gowто кой.*

ТИЗЕЛИК *пам.* 1. тизеге таандык, тизеге ылайык келген нерсе; *тәнгәңә жерге күн тийвейт* (таб. мылтыктын оозу), *ону тапса, тизелик кылат*; 2. бала эмгектеп калганда берилүүчү кичине тойчо; *төшөгү сүүваган немеви, тизелик тойду качан берет экен?*

ТИЗИМ *тторо* 1. чий соккондогу чийлердин кырка тегизделип коюлганы; *чийди тизимден чыгарбай түздөшдүрөт*; 2. *баткч.* боз үйдүн жиби; *тизимди тартып кой, төшөк басар кылып* (мурунку учурда нике тойдон кийин үч күнү удаасы менен үйдө жатуу көрүнүшү. Азыр бул көрүнүш эскирген) *жата бервей.*

ТИЗИМСЕК *жерг.* тизүүгө ниеттенгендик; *келинге нәзик тизимсек болдулар.*

ТИЗИН *алб.* иретке салынып тизилген шуру – мончок ж.б. тизмеги; *үч тизин әкдәнәм бар эди.*

ТИЗИНЧЕК *түшт.* 1. бир кенеи жипке (эки жарым – үч метр узундукта) тизилген тамекинин жалбырактары; *тизинчек–тизинчек тәмәки берди*; 2. өрүктүн сөөгүнөн ажыратылган данектердин жипке тизилген тизими; *үч тизинчек данек тиздим.*

ТИЗМЕ I *батк.* өрүктүн, жаңгактын жипке тизилген маңызы, данеги; *жипке тизип тизме кылды.*

ТИЗМЕ II *батк., эск.* жээги бүйрүлүп жасалган чокой; *тизмени энди көрвөйсүңөр*; *ywук тизме* ууктун башын бириктириле тартылган сызма; *ywук тизмеде кәттә көк чевиртке.*

ТИЗМЕКТЕНИШ *карс.* чиркелип ээрчүү; *тизмектенишип жүрүп ала албадым.*

ТИЗМЕЧИ *тал.* тамекинин жалбырагын тез тизген адам; *тигиноғу тәмеки тизмечини кара чук жердин* (суу токтогон кичине чуңкур) *сүүсуна чалп дей түштү.*

ТИИК *пам.* чачкептин жаак менен куйругунун ортосуна кыдыракей кадалган күмүш кооздук; *төшөк салар кылып жүрсө* (нике тоюнда кыз жана күйөө бала тараптан жеңелер бөлүнүп чыгып, аларга төшөк салып, белек – сый өндүрүп алышкан), *тииги шалдырайт.*

ТИЙГИЗМЕЙ *түп.* балдар бири – бирин кубалашып, колун тийгизишип, качышып ойногон оюндун аты; *бейваш үйдө беш кашык болвой эле төп болуп, тийгизмей ойнойвуз.*

ТИЙЕГЕЧ *батк.* тиенээк; *жел бешик тамга тийегеч болуп калыптыр.*

ТИЙЕК *суз., кетм., батк.* тиги жак; *челектер тийекте калды, тең мүйүз бийекте калды.*

ТИЙЕН *сүл.* тигил чен; *сен тийенден келдиң го, дейм?*

ТИЙЕСЕЛҮW *лейл.* тиешелүү; *той – аш, конок богон учурда тийеселүw нормону "тән" дейт.*

ТИЙЕТ *өзг.* тиги жер; *гетмен тийетте турат, тигинче жерде девей апкелегой.*

ТИЙИН *зам.* тийишүү; *ого тийинбе, белимчи болуп калган.*

ТИЙИШ *баткч.* тийиштик; *шолорго тийиш кылат, шонтсе цавадандын көзүн гилемдеп бериптир.*

ТИЙИШКЭЭК *зам.* тийишчээк; *онуң урушкаак, тийишкээк экен.*

ТИЙМЕ *тал.* өп – чап; *эт тийме–тийме эле болду.*

ТИЙМЕСЕК *жерг.* тиймексенге салгандык; *тиймесекке тийгиче тийвей койгон жакшы, бовосо товонуга каласың.*

ТИЙӨW *лейл.* төө; *шалысыга тийөw келип жеп жатыптыр.*

ТИЙТ *кочк., чүй.* тыюуну туюндуруучу сырдык сөз; *тийт, биздикилер деве, соку түп* (соку күйшөгөндө жер оюлуп кетпес үчүн анын астына салынып коюлган тегерек таар) *алардыкы.*

ТИК *зам.* 1. байге саюу, байгеге коюу; *улакта пәйгәсигә буйум, мал әм тиге берет* (Заминде улакты бир күн мурун союп, ичин жарып, оор болсун деп туз салып коюшат); 2. кооздоо; *көк чытка дүрүй тикти.*

ТИКӘ *лейл.* тике; *тикә тур*; 2. тик; *таза йәм тикә экен*; **тикә карата койво** тиктетпе; ◊ **бош кап тикә турвас** *лейл.* майсыз араба жүрбөйт.

ТИКӘЛӘ *жерг.* 1. нанды бөлүп сындырып коюу; *дасторхондогу нанды тикәләп кой*; 2. *баткч.* тикелөө; *цавыктагы мәкәни тикәләп кой, бала*!; 3. ыйгаруу; *жакшылык ишти жакшылык бойуча тикәлә*; 4. алачык тургузуу; *алачык тикеледилер*; 5. ишти аягына чыгара иштөө, бүткөрүү; *ол жумушту агасы тикелеп койгон.*

ТИКБАКАЙ *тал.* мүнөзү курч, ар нерсени бетке айткан; кишиге тик караган адам; *мүнөзү тикбакай неме, кантээр экен.*

ТИКЕЙ I *жжол.* тике туруу; *сиз турупсуз тикейи, биз туруппуз тикейип, жерге түшкөн камчыны кимиң алат эңкейип?*

ТИКЕЙ II: тикей салак *пам.* чикит ойнунда балакайын бир учунан тик кармап туруп чабуу кырдаалы; *тикей салак кылып чапса, оң ташка* (чий тырмактын оң жагындагы саландатылып коюлган таш) *тийди.*

ТИКЕК *жжол.* калың ат жабуу; *кем күлгүндөп тикек токуган.*

ТИКЕЛЕН *түшт.* тик туруу; *төвө чәчи тикеленип кетти.*

ТИКЕНДҮW *өзг.* 1. бут, тырмактарында майда быдыр акайы бар канаттуу; *жакшы адам ай менен күндөй, бардык элге бирдей дейт, ол тикендүw берен саган адам*; 2. кыраандыгы анча эмес, өзү калжайып зор, канатынын үстүндөгү жапкычтын учунда тикенчеси бар бүркүт; *бу тикендүw оймок таман* (сүлөөсүн) *ала алавы?*

ТИКЕНДЕ *атб.* тикирендөө; *ушак айтып тикендейт дечи?!*

ТИКЕСИНЧЕ I *жерг.* таа; *чүкө тикесинче туруп калса сасыдың дейт.*

ТИКЕСИНЧЕ II *пам.* тикесинен; *тикесинче таш тизет, онусу терме таш* (орто көлөмдө бирдей келген жылмакай таштардын тизими) *болот.*

ТИКИЛДЕК *ыск.* тыкылдап чыйрак көрүнгөндүк; *муз астында жүгүргөн музоо кашка тикилдек, жер астында жүгүргөн жээрде кашка тикилдек* (таб. суу, булак, чычкан).

ТИКМЕ *жерг.* 1. түрдүү гүлдөр түшүрүлүп, анан кийизге тигилип бастырылган көчөттөрдүн жалпы аты; *созмо ойуw, кочкор мүйүз ойуwдан тикме кылып койоттор*; 2. *зам.* көйнөктүн жакасына жибек кап менен "кештелеп" сайган сайма; *тикме кештелеп кадамы катты* (айласы кетти, убара болду); 3. *батк.* 3.1 эч кандай кооздолбой, курак салынбай жөн эле жасалган кичине жаздык; *бервестине ашы пышпас, пышса дә казаннан түшпөс кывай*

тикмеңди берчи, дүгәнә; 3.2. *батк.* жалпы эле сайма түшүрүлүп, анан жаздык бетине кооздолуп коюлган түрү; *жастыгы тикме болсо йәм жармаңа ченеп сүw куй* (алыңа ченеп иш кыл); 4. *пам.* ар кыл кесинди, үзүндүдөн кураштырылган буюм; *ол өзү шондой о дәм менен бу дәмдә тикме кыла койот*; 5. *ал.* шапалак; *биздин кол да узарар, тикме камчы да ишке жарар.*

ТИКМЕК *лейл.* көчөттөрү шырылып жасалган шырдак; *тикмек бервесек, оол кетээр* (таарынып калар).

ТИКМЕН *лейл.* жөнөкөй шырдак; *базардан тикмен сатып алдым.*

ТИКПЕ *ал.* тепке; *оwуз мойун* (ооз омуртка) *тийсе, тикпени ыргытып жүгөрдү.*

ТИКТЕ *лейл.* көз көрсөтүп кароо; *таганды бир тиктеп келейик.*

ТИКТЕМЕЙ *пам., эск.* балыкты көпкө тиктеп ырым жасагандык; *балык тиктемей деген болчу, азыр калды.*

ТИЛ *ыск.* 1. капкандын жаагы; *капкандын тилин тээктеп койову?*; 2. соконун тиши; *соконун тилин далай оңдотту го*; 3. *өзг.* уук – кереге ийүүчү тездин үстүнкү бооруна орнотулган ичке шырык; *тездин тили ичке жыгачтан болот.*

ТИЛИН *кочк.* чогулуп, жык жыйма болуу; *кашаттагы элдин көптүгүнөн тилингени билинбейт.*

ТИЛӘӘН *батк.* тилеген, тилек кылган нерсе; *күнү–түнү тилим тилээн.*

ТИЛВАР *суз.* берметтин жалтылдак бир түрү; *тилвар берсе, төшөгү бүwуну аган да.*

ТИЛДЕ *түнд., сейр.* куурайга, бутакка оролгон ак шакекче; *чөптүн, куурайдын муун–муунуна тилде оролуп да калат.*

ТИЛДЕГЕЧ *жерг.* 1. тилдээк; *кайык кәштәни билвейм десе, тилдегеч бово*; 2. *ал.* тилдүү; *онун уwлу тилдегеч өссө, оwнавас кылып койсо болот.*

ТИЛДЕШКЭЭК *батк.* тилдээнек; *тилдешкээк экен, оң бовойт ко.*

ТИЛДИ *пам.* эчкиге салынуучу эндин аты; *эчкилерге тилди деген ээн салынат.*

ТИЛДИК *батк.* жүгөндүн мандайлыгындагы ичке тилик кайыш; *жүгөндүн тилдигини оңдо, өзүнү от чөпкө кой.*

ТИЛДҮW *батк.* бал сөздүү; *кишини гәп менен ийге келтирген тилдүw карга.*

ТИЛЖЫГАЧ *лейл.* талкуунун ортоңку бөлүгүнүн аты; *онун тилжыгачыны оңдосоң, ош уругуну* (сары тоголок коондун сорту) *алып келем, ондо этегиң толо тезек болот* (ташың өйдө кулайт).

ТИЛЕ *батк.* мал соодалаганда "баасын айтып көр" деген мааниде колдонулчу сөз; – *кардарга салып тилең, – тиледим, сәәл бар әли — деди.*

ТИЛЕГЕЙ *ыск., эск.* кыздар кийүүчү баш кийимдин бир түрү; *тилегей кийген кыз бекен?* (азыр мындай баш кийим учурабайт).

ТИЛЕГЕНЧ *алб.* тилээнек; *тилегенч болсоң, чекмөрдөн үзө келип берейин.*

ТИЛЕГЕЧ *батк.* тилээнек; *бир болбогон тилегеч адам болуптур.*

ТИЛЕК: ала тилек *чүй.* кар кетип, ала – була кургап калган учур; *эркелериң болвосо, эмийгениң кимге эсеп, тур, ала тилек менен тосотко жөнө.*

ТИЛЕКТЕ *алб.* аракет кылуу; *бир урунуп көрөм деп тилектип жүрөт.*

ТИЛЕНЧИ *жерг.* сурамчы, тилемчи; *илгери тиленчилер болор эде, энди жакшы заманда олор жок.*

ТИЛЕШ *батк.* үн коштоп бирге

сайроо; *жапайы кекилик тилешкели учуп келет.*

ТИЛИК *жерг.* 1. участок; *бир тилик жер берди* (болжол менен бир сотых жер); 2. *ош* ашкабак, коон, дарбыздын кабыгынын сыртындагы из; *коондун жөөгүн тилик дейт*; 3. *пам.* канымдат ойнунда "ууруну" жазалоонун бир түрү (тырмак менен чукуп алат. Азыр бул жаза оюндарда колдонулбай калды).

ТИЛИКТЕ *ноок.* коон – дарбыз, ашкабакты тилим кылып кесүү; *ашкавакты тиликтеп кесип туруп сүткө кайнатат.*

ТИЛИМСЕК *жерг.* тилүүгө ниеттенгендик; *атка жүгөн үчүн тасма тилимсек болдулар.*

ТИЛИҢКЕ *пам.* бир өңдөш кара товардын бир түрү; *тилиңке пычып отурган эдем, о маалда оң шамал* (кыбыладан күн чыгышты карай жүргөн шамал) *басып калды.*

ТИЛИСМӘ *жерг.* бардык жагы бүтүн туюк нерсе; *тилисмә кылып кой, ол үчүн тавак ойуw, кырк шак ойуw, жылдыз ойуw сал.*

ТИЛИСИМ *жерг., миф.* кайып шаар (имишке караганда адамдарга кээде гана көрүнүүчү тоо арасындагы ээн шаар); *тилисим Алтын–Мазар тоwунда бар имиш.*

ТИЛКЕЛТИРМЕЙ *жерг.* жаңылмач; *тилкелтирмейди жүдә билет, тили мәкә куwрат* (тәнгә жарат, тикен жарат) (аябай көп сүйлөйт).

ТИЛЛӘ *түшт., эск.* 1. илгери колдонулган төрт сомдук акча; *тиллә болсо, тилге келээр* (азыр мындай акча колдонулбайт); 2. алтын; *оwрумду тиллә кәрәвәт сакайтпайт*; **эки тиллә** сегиз сом; **үч тиллә** он эки сом; **тиллә тәңгә, тиллә күмүш** *жерг.* кооздоп жасалган билериктин бир түрү; әйрән *аш бовос, наакыл бааш бовос, тиллә күмүштү бервең*; **тиллә коңуз** *өзг.* коңуздун жалтырак келген бир түрү; *ойундук тээп ойнойлуву же тиллә коңуз кармайлывы?*; ◊ **жавылган оwуз миң тиллә** бирөөнү алдоого, акча берип тилге көндүрүүгө карата айтылган туюнтма (азыр бул түшүнүк эскирген); **чычкандын ийни миң тиллә** болор – болбос же арзыбаган нерсе.

ТИЛЛӘПОРОЗ *батк.* алмуруттун кичинекей жумшак келген бир түрү; *тилләпорозду шалыга алмаштырып алышты.*

ТИЛМӘРЧИ *батк.* тилмеч; *тилмәрчи, боло калат, ого тийди – мен билдим дейт.*

ТИЛМЕ *пам.* 1. "хан – вәзир" ойнунда "ууру" адамдын билегин тырмактын учун батырып жазалоо учуру; *уруwдан алты тилме, төрт көкмуш ал*; 2. *өзг.* уй – өгүз, бука – тананын көнчөгүнө узунунан тилинип салынган эн, белги; *ий, әйләнәйин, алдынан оймосу – шо, тилмеси ол.*

ТИЛЧЕ *түшт.* уйлар суу иче турган тепшинин ортосундагы кичине жалпак чоргочо; *тилчени мурду менен басса, шыркырап суу куйулат.*

ТИЛТИШ *тторо., эск.* балага, "көз тийди" дегенде ага "көз мончок" тагып, төбөсү менен бутунун бармагына ченеп, ала шоона кыркып, отко өрттөп жиберүү ырымы; *тилтиш деп койуп тилин тиштеп калды* (унчукпай койду) (азыр мындай ырым жоюлган).

ТИЛЧИК *жерг.* тилдүү, сүйлөөк; *о кишини тилчик деп койот, жүдә гәп урат.*

ТИМИРЕЙ *батк.* чекчейүү; *көк торпогуңду тәштәп кел деп* (мурдуңду тазалап ал), *тимирейип турушуну көр.*

ТИКЕК *жжол.* ат жабуунун кичинекей бир түрү; *тил тиштеп алдым, тикегин берет ко.*

ТИНОWУ *жжол.* тиги, тигил; *тиноwуну карачы, тилме тил кеп жеп жатышат* (оозмо – ооз сүйлөшүп жатышат).

ТИНОГУ, ТИНОГҮЛ *тал.* тетиги, тетигил; *тиногу баланын буту басып калды.*

ТИНӨГҮ *алб.* тээтиги; *тинөгүнү алгым келип атыры.*

ТИҢГЕ *суз.* тиги жерге; *бөскөгө тиңге карай бастыравыз.*

ТИҢШИЙ *өзг.* үлдүрөп, суз тартып, жер тиктеп жүдөө; *тиги тиңшийип жүрөт, мурда тилме болуп жаткан эле.*

ТИПА: типа–типа *ыск.* жөжөлөрдү жемге чакыруу үчүн колдонулган сөз; *түтү–түтү девей типа–типа десең* ("тип – тип" болуп да айтылат).

ТИПТИ *жерг.* такыр; *типти тарап кеткен экен, кам энди отәшин кылат?*

ТИПРЕТИКЕН *жерг.* эң эле тикенектүү; *коңуз баласыны аппагым дейт, типретикен баласыны жумшагым дейт.*

ТИРӘМӘЙИ, ТИРӘМОЙИ *жерг., лейл.* күздүк; *Жерге–Талдын дашыга тирәмәйи севилди*; **тирәмәйи алма** *жерг.* күздүк алма; *тирәмәйи алманы кеч күздө жыйнап алышат.*

ТИРӘҢӘ *жерг., терг.* жер; *эгиз ирәнә, тегиз тирәнә, бир миң чечек, бар жапырмак* (таб. асман, жер, жылдыз, ай).

ТИРВӘНТ *батк.* ашыктыргандык, шаштыргандык; *аркамда тирвәнт турасың, осмо ташты алып бериң* (эчкинин майына эзип кургатылып даярдалган каш боёгуч).

ТИРДӘН *батк.* ок салуучу баштык; *октору тирдәнгә салып, өдө жерге койду, эртеге мергенге чыгат.*

ТИРЕ *батк.* 1. килем сокондо жиптерди чаташтырбаш үчүн колдонулган буюмдун аты; *оттуз ташты* (чакмак таш ойнунун эки – экиден терип ала турган түрү) *койуп, тирени тапып кой*; 2. ошол буюмдун элеси түшүрүлгөн көчөттүн аты; *өдөмү бар го, тирени сала берет.*

ТИРЕГИЧ *зам.* бакан; *жиндей–жиндей–жиндей кыз, жиндейи маңа минди кыз, бир путуну сыр айтып там башыга чыкты кыз – дегенивиз үйдүн тирегичи.*

ТИРЕНЧ *чүй.* тирөөч, таканыч; *ар качан тиренниң болду, от өчүргүчүң камдады.*

ТИРЕНЧЕК *суз.* тир; *ыкыйа–ыкыйа, беш күмүш такыйа, тиренчекти сурава* ("тиренчик" болуп да айтылат).

ТИРЕҢГИЧ *алб.* тирөөч, тирегич; *тиреңгич койуп койгула.*

ТИРЕШТЕ *батк.* тиреп, таяп коюу; *ойак–быйагыдан тиреште, бовосо өөндүw гәпти әйтпәй жүр.*

ТИРИ *зам.* кушка берилүүчү жем; *колуңда тириң бовосо, боз карчыгай илинбейт.*

ТИРИГЛЕЙ *лейл.* тирүүлөй; *өдөмү бар жигит эде, тириглей чапты* ("тириктей" болуп да айтылат).

ТИРИГЛИК *лейл., пам.* 1. тирүүлүк; *тириглигиң – зор дөвләт*; 2. жашоо, өмүр сүрүү; *балыктын тириглиги суw менен, дыйкандын тириглиги жер менен*; 3. тиричилик; *мурдудан алыс көрвөгөн адам тириглик кыла алвас* ("тиргилик" болуп да айтылат).

ТИРИЗӘ *жерг.* терезе; *тиризәдә сайма сайат* (таб. аяз).

ТИРИЙ *түп.* айла, амал; *ошондо басмачылардын тирийи бүткөн.*

ТИРИК *пам., лейл., жерг., өзг.* тирүү; *сөңгөктөрү тилим–тилим, сайса каны чыкпайт, адамды тирик жутат* (таб. кыргыз үй); ◊ **тиригинде сойулду** урбай – какпай уялды; *тиригиде сыйы болбогон өлгөндө ийи болову?* бирөө өзүн жаман алып жүрсө, ошол учурда айтыла турган туюнтма.

ТИРИЛЕЙ *түп.* узун, арык, араң жан сөлдөгөй; *аа, ал узун караны тирилей–тирилей деп тамашалашчувуз.*

ТИРИЛМЕЙ *түнд.* куш, же бүркүттүн тапка келип калган мезгили; *тирилмейи жетмейинче кушту агытышпайт.*

ТИРИМСЕК *батк.* тырышчаак, аракетчил; *тиримсек жакшы бала болуптур, ого чәйәнди кантип шишикке дәри кылышты әйтип бердим.*

ТИРИМТИК *зам.* чыйрак; *эти тиримтик да, боз көйнөккө жүн жээк деди.*

ТИРИПҮТҮН *жерг.* бир жери калбай; *кийиминдин тирипүтүнү кавай жыртылыптыр.*

ТИРКӘМ *батк.* тик жер; *өйдөлүшү, тиркәми бар жер көп.*

ТИРКӘШ *ал.* бел кайыш, басмайыл; *тилләдән тиркәш бурдурган.*

ТИРКЕ *зам.* чиркелештирүү; *кулун–тайын тиркеген.*

ТИРКЕК *суз.* тирөөч; *тиркектин тәгинә койуп кой.*

ТИРКЕЧ I *жерг.* алтыгана, чыбык, ыргайдын эшилип, сыртынан кийиз же тери капталып жасалган моюнча; *ол тиркеч жасаганча күн батат;* ◊ **иккәләси бир киши – араванын тиркечи** *батк.* араң жан.

ТИРКЕЧ II *жерг.* бузук, ичи тар, ызакор; *әә, тиркеч, кеткен келет кетмендеген кевейт дегенди бил* (алыска кеткен келет, өлгөн адам тирилбейт деген маанидеги сөз).

ТИРКИЧ *суз., эск.* илгерки буурсундун тиши; *тиркичин зергер куйдуруп, эркелесе дә талтаңдаваган* (азыр мындай нерсе жок) *шайман тиркич жалпы эле буурсунга, сокого тиешелүү жабдыктар.*

ТИРКИШ *батк.* кабыгы кайышкак келип, чырмалып өскөн коондун түрү; *тиркиш жевесе, какай веде; ала вериң* ("тиркиш кowун, тиркиш кавык" деп да айтыла берет).

ТИРЛЕ *чүй.* куш, бүркүттү тирүү нерсеге же кепке салып үйрөтүү, алдыруу; *кушун тирлеп жүрүп этеги толо чач болор* (көп нерсе алдырар, марыр).

ТИРМИЗЕК *алк.* 1. шок; *тирмизек, бас бери*!; 2. тири каран; *эй, тирмизек, сен билесиңби, узун чалгынды* (куш – бүркүттүн оң – сол канаттарынын эң четки беш – бештен чыгып турган узун үлүктөрү).

ТИРМЕК *батк.* ичке тилим кайыш, көк; *айныкса бүгүн тирмегим үзүлүп туруп алды.*

ТИРНЕ *чүй.* чий чырмаган учурда түр жип келүүчү жерлерди (чийди) ийне менен чегип белгилөө; *чийди тирнеп бүттү.*

ТИРӨWҮНЧҮК *алб.* түркүк; *тирөwүнчүккө илип койчу, ол эрваазынды.*

ТИРӨWҮЧ *пам.* 1. чийди катары менен токтотуп туруу үчүн коюлган жумуру жыгач; *тирөwүчү бардын теңири бар колдогону бар*; 2. устун; *әә, кайсар сагра, бери ке, тирөwүч көтөрүш*; 3. бел бакан; *бел тирөwүчтү алып кой.*

ТИРРӘНЧӘ *зам.* өжөрлүк; *тирәнчәлик кылва.*

ТИРСЕК I *батк.* 1. толорсук; *тирсегиден асып кой*; 2. бучкак; *кара малдын тирсегиден чарык кийген* (азыр мындай көрүнүш жок); ◊ **тирсекти тиштеп болвос** колдон келбеген ишти киши жасабайт.

ТИРСЕК II *зам.* керней, труба ж.б.; *чыканак кuwур тирсегиден үзүлүптүр, энди суw кевес.*

ТИРСЕКТӨW *жжол.* көздүн жапкагынын жээгине кичине кызыл бүдүр чыкканда аны бир нерсе менен

ырымдагандык; *үч ирет көзгө тийгизип тирсектөө кылып, саманды ордуна койдум.*

ТИРСИК: ачык-тирсик *ноок.* одоно, орой; *ачык-тирсик әйтпәй жүр.*

ТИРТИЙ *ыск.* бир нерсеге кадала тиктеп отуруп иш кылуу (жазуу, жамоо, сайма сайуу); *ай, ушинтип эле тиртийип отура бересиңби?*

ТИРТИЙТ *акт.* теңсинбөө; *тилин адам билвеген, тиртийтип үйгө кирвеген.*

ТИРШЕЙИТ *батк.* эти этине катып арыктаган; *наргы тиршейитти айтып кой, колуну шише кесип кетпесин.*

ТИРЭЭЧ *чүй.* тирөөч; *ээ, торсойуңқу тарткан түгөт, тирээчти бери бер.*

ТИС I *жерг.* арабага чегилген атты кетенчиктетип шыкшыктап токтотқондо айтылчу сырдык сөз; *тис-тис!, бу бехавар ат ко.*

ТИС II *батк.* тартуу; *бул сүрөттү бир бала тисип койуптур.*

ТИСКИ *нар.* зергерчиликте колдонула турган жыгач кыргыч; *жыгачтан кол тиски, анан көөрүк жасап бергем.*

ТИСМЕ *алб.* сызма; *тисме атайын жүндөн жасалат.*

ТИСТЕ I *алб.* чөк; *байагы чүлжүгүйдү карачы, алганын тисте-тисте кылыптыр.*

ТИСТЕ II *атб.* төөнү матоо, байлоо; *тистесенчи чөгөрүп, төөлөрүңдү.*

ТИТИБОW *зам.* узун ичке өсүүчү өсүмдүктүн аты; *титибоwду мал жакшы жейт.*

ТИТИГИ *ыск., чүй.* тетиги; *тии титиги өлмөзөк гана тып-тып эткен эмне?*

ТИТИНОГУ *тал.* тетигил; *титиноғу өлө чоң неме экен* ("тетиноғу" болуп да айтылат).

ТИТИПИТ *жерг.* быт – чыт, күм – жам; *кармаган адамыны титипит кылат.*

ТИТИР *батк.* тирт; *титир-титир этип койот.*

ТИТИРЕРТМЕ *түнд.* безгек оорусу; *титиретмеси бар эде айланайындар, аны байкағылачы* (кээ бир жерде бул оору жымсалдатылып "калтыратма, ысытма" деп да айтылат).

ТИШ I *ал.* жаныбарлардын же буюмдун тишин элестеткен орнаменттин жалпы аты; *ит тиш, кой тиши деген сапма болот.*

ТИШ II *пам., эск.* чикит ойнунда балакайды тиштеп туруп, анан түшүрүп жиберип чабуу учуру; *тишти азыр колдонбой калдык.*

ТИШ III *лейл., эск.* соко; *тиш айдап, бовосо, чөкүш менен каткак жерди көөлөйт эдек.*

ТИШАЙАК *ал.* келин алып келе жатканда берилген сүйүнчү; *тишайакты үч ирет кайталайт.*

ТИШГИНӘ *жерг.* тишиңен аа; *бойуңардан-бойунардан!-деп* (үйлөнүү тоюнда күйөө тараптагы жаштар эки – үч жолу ийилип салам салганда айтылчу алкоо сөздөн) *күлгөн тишгинәңдән жеңе* ("тишгәнә, тишкана" болуп да айтылат).

ТИШЕ I *өзг.* чөп жыйып бастырып коюу; *биз бастырмага чөп тишейвиз.*

ТИШЕ II *зам.* кагылып – согулуп көптү көрүп бышуу; *тишеген мени алвай, тишевеген сени алды.*

ТИШЖАРДЫ *төл.* бирдеме деп ооз ачып сүйлөө; *тиши буудай дейсиң, тишжарды неме эмес ко?*

ТИШКАЛ *лейл., эск.* тиш бузулуп, ооз сасыбас үчүн тишти карапжын кылып боёп ала турган зат; *тишкалды кечесиде жаткан кезде тишке севеттер, онон эртеге чайкап тәштәшәттәр.*

ТИШКӘК *батк.* кызыл ээк;

тишкәк болсо йәм тишкалы, чакыч жәрәшкән тишкәнәңдән ак сувсар дейт гочу.

ТИШКЫРГЫЧ *батк.* ашкабактын ичин кырып алуучу курал; *тишкыргычың барвы, берип туруң.*

ТИШТЕГЭЭЧ *батк.* тиштенээк; *тиштегээч ат босо, жолово декин.*

ТИШТЕМЕ *тяньш.* шырдактын ортосуна түшүрүлүүчү салвай, болгон, жагалмай, табак, төрт айчык жана чекесине түшүрүлүүчү кыял, бадам сыяктуу оюулардын ортосуна салынуучу оймонун бир түрү; *аламач, тиштеме, араа тиш, ала мончок ойумдары аларды ажыратып турат.*

ТИШТЕШКЭЭК *батк.* тиштешчээк; *жылкы тиштешкээк экен.*

ТИШТЭЭК *кочк. тянш.* шырдактын четин бастыруучу ак, кара уч бурчтуу кесик оймо; *шырдактын тиштээгин бүт бүтүрдүм.*

ТИШЧИ *жерг., пам.* темир уста; *тишчивиз келди, ичек–чавакка гөш–пийәз, гүрүш аралаштырып овкат жасап жүгөр.*

ТО *жерг.* сүйлөөчү киши кандайдыр бир мезгилге, кырдаалга карата "дейре, чейин" деген мааниде колдоно турган сөз (ал катышы бар сөздөн мурда колдонулат); *то үйгөчө барам; мен то ол кегиче шу жерде отура веремби?*

ТОW *жерг., пам., батк., лейл., тал., алб., чатк.* тоо; *ойогу тоw – буйагы тоw, орто жери — зыңгыр тоw* (таб. коңгуроо); **тоw алма** кеч быша турган кичине алманын түрү; **тоw балык** *батк.* тоо суусунда гана жашоочу балыктын түрү; **тоw беде** *өзг.* майда – майда жалбырак алып, көбүнчө сары, көк гүл ачкан өсүмдүктүн аты; *гүл кадырыны булбул билер, күлүк кадырыны дулдул билер, тоw беде кадырыны кайсы мал билер?*; **тоw чай** майда тоголок баш алып, саргыч гүл байлап, жагымдуу жыт чыгарган өсүмдүктүн аты; **тоw чайыр** *лейл.* чайыр өсүмдүгүнүн тоолуу жерде гана өсө турган түрү; **тоw чымчык** *жерг.* чымчыктын дайыма тоодо жүрө турган сарала канат, ак төш түрү; *буну биз тоw чымчык дейвиз;* ◊ **товду уруп култаргаа жетиптир** көөп кетиптир; **тоw урса, товго сүйөн** *жерг.* төөдөн жыгылсаң буйласын кармай жыгыл; **тоw товго жедбейт, адам адамга жетет** тирүү киши көрүшпөй койбойт; **бири ойдон – бири товдон** же **бири ковдон – бири товдон келет** эки кысмак бир келсе айландын кеткени; **ишенген товдо кийик бар** какшык иретинде айтылчу туюнтма; **кумурска кичине болсо дә гайраты тоw омкорот** *пам.* кандайдыр бир жаш, кичине адамдын эмгекчилдигине ыраазы болгондо айтылчу туюнтма; **сиз көргөн эгиз товлор алда качан кесилип кеткен** *зам.* мурунку көргөн кийин жок; **тырышкан тоw ашар** *лейл.* кыбырасаң да кыр ашасың.

ТОWГЕРЧИЛИК *батк.* тоочулук; *энди товгерчилик экен, әйрэн–сүт, май–каймак көп.*

ТОWЛА I *зам.* 1. толгоо; *иштевейм деп бойун товлава*; 2. *жерг., пам.* кайруу, имерүү, чыйратуу, буроо; *эки тиштиге жетпей* (тогуз кумалак ойнундагы үчүнчү үй) *товлады;* 3. *зам.* жасалгалоо, кооздоо, чырайлоо; *тиштеп түймөнү товлап тишимди кычыштырды* (ызаны келтирди); 4. *зам.* баш тартуу; *жумушка бар десе, бойун товлава*; ◊ **такымыга таш товла** башынан бек карма, катуу башкар.

ТОWЛА II *жерг.* 1. ысып чыгуу; *күн әйәвәй товлады*; 2. *батк.* үйүү; *пычанды товлап койгон экен.*

ТОWЛАН *зам.* сулууланууу; *жакшылап товланып алыпсың го.*

ТОЖЛУЖ *батк.* мукам; *торгойдун тожлуж тили бар.*

ТОЖМОТ *жерг.* доомат; *өгөйдүн өтү курусун – ден, тожмот кыва;* ◊ **хызматка тожмот** орунсуз ишке өпкөлөө.

ТОЖМАТГЕРЧИЛИК *батк.* дооматчылык; *ишти тужрулап койсоң тожмотгерчилик кывайт.*

ТОЖМОТЧУ *жерг.* дооматтуу; *тожмотчу адам экенсиң, каптама кылып койдуң ону.*

ТОЖОН *жерг.* кара өзгөйлүк; *тожонуган калып жүрвө.*

ТОЖОР *жерг.* уккулуктуу; *торгойдун тожор тили бар.*

ТОЖОРУ *өзг.* ышкындын башы; *ышкындын тожорусун үзүп келиптир.*

ТОЖОТМЕК *пам., ноок., жерг.* тойдо бир кур жаш жигит, кыз – келиндердин эки тарапка бөлүнүп алып, жоолук ташташып, кезек менен ырдашып ойногон ойну; *тожотмек салдым, алвадың жеңой*! ("товетмек, тоготмек" болуп да айтылат. Памирде бул оюнду кыз – келиндер баштап, ичинен бирөө жоолукту томолоктоп алып, ырдап келип жигиттин бирөөнө сунат. Ал жоолуктун учуна шакек түйүп, кайра берет. Бул жолу келин ырдабай туруп эле жоолукту жакшы көргөн бирөөнүн ийнине таштайт. Ал жеңенин колун кармап ырдайт. Ырдап бүткөнгө чейин өзүнүн алаканы менен келиндин алаканын чаап турат. Ырдап бүтүп дагы бирөөгө жоолукту сунат. Жоолукту алган адам (кыз же келин) баягыдай жигиттин алаканына өз алаканы менен чаап ырдай баштайт. Оюн ошентип улана берет. Оюн бүтө жаздап калганда кыз, күйөө орундарынан туруп жүгүнөт. Азыр бул оюн эскирип калды).

ТОЖРУ *жжол.* 1. бир нерсени сый же кыйгач кеспестен орой кесүү; *тавылгыны тожруй кесет*; 2. *ноок.* кол шилтөө; *тожчулар тожго жөнөшсө, тож текедей баштайсың, тожруп колуң таштайсың.*

ТОЖСУЛ *зам.* түгөн; *күнү бүтүп тожсулса, бир мүнөт бәндә токтолвойт.*

ТОЖУ *пам.* тоолук; *ол тожу киши; тожлап–тожлап бәйләй берет.*

ТОЖУК *зам.* 1. кыргоол; *токойдо тожук сен эдең*; 2. *жерг.* тоок; отуз тожук, кырк чөжө; 3. *өтм.* чакмак таш ойнунун бир фазасы; **тужбас тожук көп какылдайт** *ал.* тилазардын шылтоосу көп; *бир тожукка да дан керек, миң тожукка да дан керек кичине иш болсо да, көп иш болсо да зарыл болсоң иштейсиң*; **тожукту жесең бир жейсиң, тухумуну жесең миң жейсиң** керек иштин артын ойло; **көр тожукка ар нерсе буждай** акылы азга баары асыл; **путу бәйләнгән тожуктай** *зам.* айласы кетип калды деген маани-де айтылчу туюнтма (мунун "путу күйгөн тожуктай" деген варианты да бар).

ТОЖУР: алда тожур *зам.* бир кызык; *сенин алда тожур кыйалың бар да?*

ТОЖУРЧУН *жерг.* жипке байланган таш; *ойокко өтөт тожурчун, буйакка өтөт тожурчун, орто жерде тунук суж тандап ичет тожурчун* ("тожурчан, торучан, тооржан, тоорча" деген варианты да бар).

ТОЖУС *батк.* кыргоол: *бар–бар–бар эки, бармактары он эки, чывыр ала тону бар, чычаңынын учуда ак тәңгәдәй галы бар* (таб. тожус, тоос).

ТОЖУШ I *жерг.* 1. үн; *арканды узун ташта, тожушту кыска ташта* (мак.); 2. жаңырык; *узун сайда уй мөжрөйт – ол мылтыктын тожушу*; 3. обон; *үч бааш соксом таңдайлаш, ырчы болсом маңдайлаш десем тожушум кевейт.*

ТОВУШ II *зам.* ийри; *тожуш айак болуп калды.*

ТОWЧАК *жерг.* 1. өтө килейген, чоң, кур семиз; иши кайтканда (абалы кыйшаңдаганда), *тоwчак байталыдан айрылды*; 2. чөбү чыктуу, калың, бийик өсүп, көп гүл алган жайлоо жер; *жолдун тоому менен чыгып, тоwчакка жеттик.*

ТОWЧУ *ноок.* тоодо жашаган адам; *томуктай этиң буйрувай тоwчу жеди гөшүңдү.*

ТОВА *зам.* бөлүк, тилке; *жерди това–това кылып бөлүп айдайт.*

ТОВАЛЫК *зам.* кичине участка; *адегенде курт–кумурсканын кудайылыгы үчүн бир товалык жер айдайт* (илгери Заминде кош чыгар алдында адегенде бир кичине жерге эң мурун курт – кумурска үчүн арнап, үрөн сээп, анан аны коңторо айдап салып, андан кийин дагы ырымдарды жасап, бата окуп, кийин гана көп жер айдоого өтүү жөрөлгөсү болгон. Азыр мындай көрүнүш эскирип жоюлган).

ТОВАР *зам., жерг., пам.* эриши жибек, аркагы жип кездеме; *товар берсең үйүңө бywдай толсун!* (алкоо учурунда айтылчу сөз).

ТОВӘКҮЛ *пам.* тобокел; *товәкүл, барсам барып келе калайын.*

ТҮЗӨТҮW *пам.* атты сууткуга алып, ичин тазалап, тапка келтирүү;

мойун терден кийин атты түзөтүw башталат.

ТҮЗҮКЧӨЛӨ *суз.* түзүктөө, дурустоо; *түзүкчөлөп тамак бер.*

ТҮЗҮТМӨ *суз.* түшүндүрмө; *аласыз ии афтада жыртылат деген сөздүн түзүтмөсү кандай?*

ТҮЙ I *өзг.* сын тагуу; *сын түйөт да чын сүйөт.*

ТҮЙ II *пам.* 1. уруу, согуу; *ол онун төвөсүгө түйдү*; 2. *батк.* шалы актоо; *туш тuwурдукту койуп, шалы түй.*

ТҮЙГҮЧ: түйгүч жилик *тал.* күң жилик, корто жилик, томук жилик; *түйгүчтүн башы томуктуw болот.*

ТҮЙДӨН *жерг.* 1. "созмо" кийиздин жээгине салынган жүндүн ичин көздөй имерилип тургандагысы; *түйдөнгө ак ушак чәчилип калыптыр*; 2. кийиз басуу үчүн чийге оролгон жүн; *түйдөндүн учку жагыда мен болом*; 3. *өзг.* түйдөк; *бул түйдөндү качан ийрип бүтөсүң?*

ТҮЙЛӨШ *түшт.* кобур – собур болуп козголо түшүү; удургуу; *эл түйлөшүп кетти.*

ТҮЙМӨ I *ал.* 1. мүйүз топчу; *аркардын мүйүзүдөн түймө жасап алат*; 2. *акт.* көгөндүн бурчагы; *кой–козу, эчки–улакты байлаш үчүн көгөнгө түймө кылат*; 3. *жерг.* малдын кулагына (терисин бир аз кесип) сыдырып тоголок кылып салынган эн; *пычак менен терисини топтоп койсо, түймө дешеттер*; 4. жүгөндүн бир түрү; *бизде кош кайык, үч кайык, түймө, тасмадос деген жүгөндөр болот*; 5. *өзг.* түйүн; *өрдөк мойун тор аттын куйругун түймө кылды*; 6. *жжол.* түйнөк оорусу; *түймө болуп түйүлүп төрт тuwганы көз жумган*; **түймө бow** *батк.* бүчү; *түймө бowун чечип, амалдан дәм ал дейт* (кара сууга семирип деп какшыктоо); **түймө сайма** *ал.* жиби түйүлүп сайылган сайма; *түймө сайманы билбейсиң, энеңдин токочу бышып калыптыр* (ачуусу келиптир).

ТҮЙМӨ II *жерг.* тегерек, тоголок нерсе байлаган өсүмдүктүн аты; *түркөйлүгү бовосо, түймө чөптү кантип билвесин?!*

ТҮЙМӨК *жерг.* 1. кайрылып, түйрүлүп келип, чокмороктошуп калган нерсе; *ача каймактын башын айрып–айрып, түймөк кылып алат*; 2. *тал.* түйдөк; *түйшөлүңкү тартып түймөгү менен увара.*

ТҮЙМӨКТӨ *жерг.* "түймөк" кылуу; *ийилтип түймөктөп алды.*

ТҮЙМӨЛ *тяньш.* түймө – түймөсү бар буюм; *күймөл бай–күймөл бай, үстү–башы сарала түймөл бай, эки тогуз он сегиз кыз аван салды, кандай аван экенин билбедим капырым ай* (таб. кыяк).

ТҮЙМӨЛӨ *чүй.* топчулоо; *аркамды түймөлөп койчу.*

ТҮЙМӨЧ *кочк.* 1. кеч күздө союлган малдын этинен карынга чүйүндөп салынып, сүрсүтүлүп, узун сарыда желе турган тамак (кээде андай эт малдын терисине оролуп сакталган); *эчкинин терисине түймөч кылдым*; 2. *жерг.* аталага кошо салынып бышырылган эт; *сер түймөч экен жүдә ичтик*; 3. *пам.* камырын майда – майда тоголок кылып түйүп бышырган тамак; *боорсок; токоч, чозмо, түймөч жасайт*; 4. кесмеге салуу үчүн майда тууралган эт; *түймөчтү аз салыпсың*; 5. эт менен аралаштырылып куурулган кесме; *гөштөн түймө жасап учкайак чыкты.*

ТҮЙМӨЛҮW *ал.* топчулуу; *ата куват, түймөлүw көйнөк сатып бересиз әә?*

ТҮЙМӨЛҮК *ал.* топчулук; *ал–алыга кегенде аталага тиш сына веде, түймөлүгүңдү оңдотуп алчы.*

ТҮЙНӨ *чүй.* жылкынын куйругун ороп келип түйүү; *аттарынын куйругун түйнөгөн.*

ТҮЙНӨК *батк.* мөмөнүн жаныдан пайда болгон түйүлдүгү; *уча жолуну айтпаса* (карчыга, арка, бөйрөгү менен бирге сөгүлүп бышырылып мейманга тартылуучу уча) *түйнөк жок*; **таш түйнөк** *жжол.* 1. таштай катуу түйүлгөн нерсе; *ийип туруп, аркандын учун таш түйнөк кылып түйүптүр*; 2. бышык, чыйрак; *баланын таш түйнөктөй бышык болгону жакшы.*

ТҮЙНӨКТӨ *батк.* мөмө байлоо; түйүүлүү; *кеч күздө кайра түйнөктөдү.*

ТҮЙӨР *батк.* шалы актоо; *шалыны ак жувазга апарып түйөр кылат*; **кара түйөр** "келиге" салынган шалыны чала актап "долго" салып сапырылгандагысы; **орто түйөр** шалынын үчүнчү жолу сокуга салынып акталгандагысы; **ак түйөр** шалынын абдан тазаланып акыркы жолу акталгандагысы.

ТҮЙПӨЛ *жжол.* кыйналуу; азап чегүү; *түйпөлүп жаным өткөндө түйшүгүм айтат деп алдың.*

ТҮЙПҮЛ *түшт.* кичинекей тоголок; *узун–узун учкулдун учу–түвүн ким билет, кичикине түйпүлдүн тукумуну ким билет?* (таб. паша).

ТҮЙПҮЛДҮК *батк.* эң кичине тоголокчо; *увак–түйөк, түйпүлдүгүдөн бери жийип алды.*

ТҮЙӨW *лейл.* 1. төө; *он эки түйөw, он жылкы, тогуз сыйыр, беш эчки; жарым койон, үч түлкү; тава алвасан бол күлкү* (таб. ар биринин бой көтөргөн айынын саны); 2. кичине балдардын бармак – сөөмөйлөрүн, чыпалактарын тийиштирип, чочойтуп, ортон менен аты жогун бүктөп селпилдетип ойногон ойну; *ала түйөw бow–бow, мында ке, саңа ноктow*; **әйри түйөw** эки өркөчтүү төө; *сайда әйри түйөw баркырайт, кырда кылыч жаркыдайт* (таб. суу, мөңгү); **жаткан түйөw** *жжол.* балдар үчүн майга мыкчып эзилип берилген нан; *жаткан түйөw жасап беремин*; **түйөw тиш анар** дандары чоң – чоң сүйрү келген анар (сорт); *былтыркыга караганда түйөw тиш анар аз болуптур* ("төw, түйә, түйөwү" болуп да айтылат); **түйөw карын** *пам.* өөдүк – сөөдүк, быткылдуу келген жер; *түйөw карын, кампас жерлерге өңүт жүргүзөт*; **түйөw кепшетер** *зам.* "хан вәзир" ойнунда эринди ууртган эки жакка чоюп, жазалоо; *туш тарткычтын жаныда түйөw кепшетер ойнотту гочу*; **түйөw тартар** денеге жыш кызыл нерсе чыгып ооруган оору; *түйөw тартардан адам зыйан болот* (бул оорунун "эчки тартар, тәнә тартар" деген түрлөрү да болгон); ◊ **түйөw бастынын овкаты** тапканды баш – аягы жок чачкандык; **түйөwдүн әзили бир пәйкәл жерди бузат** оюна келгенин жасайт; **түйөwгө минип өркөчүгө жәшинәт** жасаган, иштеген, билген нерсесин билмексенге салат; **owзуга түйөw тепкендей** унчукпай калды; ◊ **түйөwдү чөмүч менен сугарбайт** орунсуз ишти иштебе; **түйөw тери кылып ийледи** аябай жанчты; 2. аябай сөзгө ынандырды; *тилини тапса, түйөw дә чөгөр* жылуу сөз менен жылан ийинден чыгар; **түйөw тилини сарван билет** *пам.* кеченин тилин энеси билет; *катарлап түйөw тизбесе – нар кадырыны биле әлвәйт; тәги бuwдан чаппаса, жетелеп жүрүп пәйгә әлвәйт* (эски нуска сөздөн); *адырашманды актады, ак түйөwгө жүктөдү деги эле кыйраткансып таштады* (какшык); **белиде беш тәңгәси жок, түйөwдүн тишини көрөт** куру дымак.

ТҮЙРҮК: бәсә–бәсә түйрүк *батк.* ургаачысы боз, эркеги моюн жүнүнөн башына чейин кызгыч келген, таштан – ташка секирип же

жоргологон, учканда "чүрү – лү – лү", чүрү – лү – лү" деп кайкып учуп, отурганда "бисси – бисси, түй – рү – рү – к" деп үн чыгарган канаттуунун аты; *бәсэ – бәсэ түйрүк алыс учпайт.*

ТҮЙТӨ *жжол., чүй.* шалдаакы; *балта түйтө болду, эми камчылан, балам, камчылан.*

ТҮЙТҮК *түп.* түйтөйгөн начар; *оо, балээ баскан түйтөк, кайда журдүң?*

ТҮЙҮЛ *пам., лейл.* түгүл; *сен түйүл биз тамак ичелекпиз;* ◊ **гөшү түйүл тавагыны таппай калды** эти түгүл табагы жок.

ТҮЙҮМДҮК *суз.* жаңыдан түйүлгөн коон, дарбыз; *коондун быша элек жаш түйүмдүгүн байка.*

ТҮЙҮН *батк.* багаж; *түйүнүңөр келдиви?*

ТҮЙҮР I *зам.* аз эле, аз гана; *пышкан гөштөн бир түйүр берип кой.*

ТҮЙҮР II *зам.* ыргытуу; *тайакты түйүрүп жөгөр.*

ТҮЙҮРТПӨК: түйүртпөк – түйүртпөк *чүй, сейр.* тоголок – тоголок; *кой кыскалдак түйүртпөк – түйүртпөк дан алат.*

ТҮЙҮШҮК *зам.* түйшүк; *түйүшүккө салып кайда жүрөсүң?*

ТҮЙШӨ *пам.* атты таптап этине, табына келтирүү; *атты минип түйшөйт, этиге келгиче түйшөйт.*

ТҮЙШӨЛ *ош.* тынчсыздандыруу; *карыганда сени да түйшөлдүрдүм.*

ТҮЙШҮМӨЛ *батк.* жаны тынбас, түйшүкчүл, күжүрмөн; *Газывек жүдэ түйшүмөл жигит болуптур.*

ТҮЙШҮТ *баткч.* өз кызыкчылыгы үчүн алдына ала аракеттенгендик; *анча – мынча түйшүттөр качышка камданышкан.*

ТҮК I *жерг.* сүлөөсүн, суусардын териси; *түк алам деп, учан алдыга кетти;* 2. килемдин түрүн чыгаруруга колдонулчу ар кыл түстөгү боёк жип; *ywpy жерде отуруп түк жасап жатавысың?;* 3. *ыск.* эгиндердин (буудай, арпа, таруу) данындагы кабыкчасы; *тарууның түктөрүн да чогултуп тоокко берчүвүз;* **уй түгү** *түнд.* эртеден кечке шыбыргактатып майдалап жааган жаан; *кожойун, бүгүн күн уй түгү болуп жаап турат, кайда баравыз?* ◊ **түгү тескери айланды** *жерг.* ачуусу келди.

ТҮК II *жжол.* арыктын кулагы; *түктөн жүгөрүгө суw бур.*

ТҮКТҮW *жерг.* 1. чалпоо; *түктүw айван чарс болот;* 2. киши кийик; *төшү түктүwгө жолугуп кава;* 3. *сейр.* аюу; *түктүwдү түк эчтеке түшүнбөйт девең.*

ТҮКТҮЙ *чүй.* түктүү; *түктүйдөн оонавас, айактуудан кепшевес* (таб. жылкы, уй).

ТҮКТҮҮСАН *чүй.* бодо мал тоо – зоонун кысылыш, тар жеринен учуп кетсе, анын терисин сыйрууга мүмкүн болбосо, ошол кезде тери – мериси менен кошо жиликтелип алынгандагысы; *Чоң – Дүңгүрөмөдөн эки жылкыны түктүүсан кылып бөлүп келишкен.*

ТҮКҮЛДӨК *чүй.* дүкүлдөк; *түвү түптүү түкүлдөк, күнү – түнү түкүлдөйт* (таб. жүрөк).

ТҮКҮР *тторо.* каргануу; *ташка – токойго түкүрүп койгом.*

ТҮКҮРГҮЧ *чүй, эск.* мурунку учурда түкүрүп эм салган киши; *кара курт чакса, түкүргүчкө түкүрүтчү экен* (азыр мындай көрүнүш жок).

ТҮКҮРӨК *батк.* тукурук; *ходтәйи жаман экен ow деп, түкүрөгүнү бүркту;* ◊ **ашыга түкүрөк кыва** ынтымагын бузба; **түкүрөк менен кетсин** көзгө көрүнбөсүн, жок болсун; **асманга түкүрөк кылсаң бетине түшөр** бирөөгө ор казсаң, өзүң түшөсүң.

ТҮКҮРҮКТӨТ *тяньш.* майда чыбырчыктатып көбүртүү; *жылан түкүрүктөтүп бозо чыгарат* (бозонун

үстү майда чыбырчыктаганда "жылан түкүрүк" деп аталат).

ТҮКЧҮ *ал.* суусар, сүлөөсүнгө аңчылык кылган адам; *түкчүнүн атагы таш жарат, аркасыдан чатагы баш жарат, шонтсе йәм хордо жеп көңүл ачат.*

ТҮКШҮМӨЛ *суз.* байкагыч, баамдагыч; *хореканин ашы жешке жакшы десе, ол түкшүмөл биле койду.*

ТҮКШҮТ *жерг.* кыраакы; *түкшүт экен, баарыны билди.*

ТҮЛ: кундуз түл *жерг.* куштун жүнүндөй үлпүлдөк пыр алган өсүмдүктүн аты; *хоронда сыйыр болсо йәм кундуз түлдү жей авайт.*

ТҮЛКҮ *тыньш.* 1. кайнак сууга чалынган талкандын бөлтөгү; *түлкү кылвай чал талканды;* 2. *тал.* жипке тизилип кургатылган тамеки (кайсы бир учурда "торон" деп да аталат); **түлкү койон** *өзг.* ордо ойнунун бир фазасы; **түлкү куwрай** *тал.* өңү боз келип, жерге жабышып ар тарапты көздөй өскөн, тоголок урук алган өсүмдүк; *энди ошол адам түлкү куwрайды көрбөгөн бекен?;* **түлкү тумшук** *чүй.* бирин – серин эти бар тамак; *түлкү тумшук жасап жибериптир;* **түлкү куйрук** *түп.* кумдак жерге чыгып, боюу бир метрге өсүп, башынан үлпүлдөк алган өсүмдүктүн аты; *бир кулачка жетпеген түлкү куйруктар бутка оролот.*

ТҮЛКҮМ *жерг.* маңыз, маани; *үкә, саны бар сапаты жок, кәви бар кәлпәти жок, түсү бар түлкүмү жок деп ондой эси жокко әйтәрини билевисиң?!*

ТҮЛКҮЧӨК I *тыньш.* бачики; *түлкүдөн ичик кылдырып түлкүчөгүн ыйлатты.*

ТҮЛКҮЧӨК II *тал.* түктүү курттун бир түрү; *түлкүчөктү көрсөтүп берчи.*

ТҮЛӨ *алк.* жер кепе; *түлөнү казып салыпмын, торду жайып койупмун.*

ТҮЛӨК I *батк.* эки – үч жашка чыккан кекилик; *кекиликке эки – үч жыл болсо, ону түлөк кекилик дейт* (кекиликтин жашы бутундагы шишине карата ажыратылат).

ТҮЛӨК II: ак түлөк *чүй.* суу сугарганда колдун ак быштак болуп кетиши; *кала берсе колдору ак түлөк.*

ТҮЛӨККАНА *жжол.* куштү түлөтө турган жай, үй; *биздин бир түлөкканавыз боло турган.*

ТҮЛӨТМӨ *түнд.* колду же башка бир нерсени түлөтүп жиберүүчү буюм; *тал – талы бар дүр этме, иманын сырын түлөтмө* (таб. үй актоочу щетка).

ТҮЛӨЧ I *лейл.* 1. эби – сыны жок, эпсиз, шалакы; *бу түлөчкө кийим түтөвү?;* 2. бир нерсенин далдалы чыгып эскиргендиги; *түйгөнү түлөч болуп бүтүптүр.*

ТҮЛӨЧ II *лейл.* 1. талоончу; *түлөч конок шекилдүw;* 2. күм – жам; *түтүнү чыгып тийгенде түлөч кылат мерген эр.*

ТҮЛӨЧТҮК *лейл.* шалакылык; *түлөчтүктөн башкага жаравады.*

ТҮЛҮК *чүй.* оокат, тиричилик; *бир үйдүн түлүгү оңой болвойт;* **катуу түлүк** *кочк.* жалпы эле сырт жумуш; *катуу түлүктүн бары – жогу эркектин мойнунда.*

ТҮМБҮР I *батк.* тоголок баш кылып ийрилген жиптин келеби; *түмбүрү менен алып бер.*

ТҮМБҮР II *батк.* дүмүр; *мәкәнин түмбүрүң, "мәкә түпкүч" әм дейт.*

ТҮМЕЛ *чатк.* окшош; *куш түмел канаттуw.*

ТҮМПҮЛДӨК *чүй, эск.* балдар "кой, бөрү..." болуп бөлүнүп, анан ороно жатып, калганы чаап ойногон оюн; *түмпүлдөктү кээде сары айгыр түмпүлдөк же кара койун түмпүлдөк деп да койот.*

ТҮМҮРЧӨК *тал.* тал, куурай, чырканак жб. кичинекей, кесилбей калган дүмүрү; *бутумду түмүрчөккө айрытып алдым.*

ТҮНГӨЧӨКТҮ *жерг.* түнгө чейин; *түнгөчөктү кулагыңды маңа тос, шывыр кулак әйтәйин.*

ТҮНДӨ *жерг.* түнөө; *жолуксаң кадыр түндөйүн.*

ТҮНДӨСҮ *акт., тторо., жерг.* түнкүсүн, түн ичинде; *күндүзү ылдый карайт, түндөсү жокору карайт* (таб. боз үйдүн эшик жабуусу).

ТҮНДӨГҮЛҮК *жерг.* түнкүлүк; *бир түндөгүлүк иш кылдым.*

ТҮНДӨЛӨЙ *пам.* түнү менен; *түндөлөй кеткиле, бовосо түмөндөй үйдөн түмөндөй гәп чыгат.*

ТҮНДӨЛӨР *лейл.* көп түн; *түндөлөрдө түйшөлтүп түн уйкумду үч бөлдүң.*

ТҮНДӨЛӨТӨ *түп.* түн бою; *түндөлөтө сай өрдөй тоого чыгышты.*

ТҮНДҮЗ *чатк., сейр.* түн; *күнү–түндүз систи ойлойм.*

ТҮНДҮЙЛӨӨ *чүй.* түндүк жабуу; *– ой, түндүйлөө эмне болуп калган?*

ТҮНДҮЙӨW *жжол.* үйдүн түндүгү; *түндүйөw бowсу живектен, түк кетпейт ойнуң жүрөктөн.*

ТҮНДҮК *ыск.* 1. капкандан бардык тетиктерин чогултуп бириктирген астыңкы тегерек темири; 2. *баткч.* чакмак таш ойнунда сол чыпалакты чычайтып жерге такап, сөөмөй менен бармакты бириктирип, анын үстүнөн таштарды түшүрүп терип алуу учуру; *цевин билвей, түндүгүн алам деп, цевирткеге тийип алды*; 3. *жерг., эск.* там үйдүн орто ченинен жарык түшүп, түтүн чыгуу үчүн жасалган оюкчасы (илгери терезе, меш жок кезде жасалган, азыр жок); *түндүктөн түшсө, өзөгүң үчтөн, түлөwүң түштөн*; 4. *батк.* "көрөкана" деп аталган көмүр өчүргүч жайдын түтүн чыгаруучу оюгу; *о, көрөкананын түндүгүнү карап, төрт бурч болуп турат*; 5. *атб.* аркайып түндүк сымал элес берген мүйүз; **түндүк мүйүз** токтолгон чоң теке; *тторо., эск.* ника тоюнда тоготмек ойну бүткөндүн эртеси элге бериле турган тамак; *түндүк этин тараткандан кийин ат чавыш, улак, эңиш, күрөш, кунан чавыш болгон* (азыр мындай көрүнүш жок).

ТҮНДҮКТҮW *жерг.* кадыр – барктуу; *түндүктүw үйдө түмөндөй гәп өтөт.*

ТҮНӨ *өзг.* туур; *түнөдө отурган төө комдор бүркүттү кара.*

ТҮНӨГӨЛҮҮ *жетг.* бир жерге көп түнөп үйрөнгөн; *түнөгөлүw куш эле түнөп өтөр.*

ТҮНӨГӨЧ *жерг.* түнөй берме; олордун товуга миймән болоттор, түнөгөч болоттор.

ТҮНӨГҮ *лейл.* бая күнкү; *түнөгү киши барган жеринен бах әйтсин деди.*

ТҮНӨКТӨШ *өзг.* айылдаш, короолош, жердеш; *ой, Кулмырза түнөктөш, ойуң болсо тилектеш.*

ТҮНӨЛ *ыск.* түнөк; *түнөл кылбасын, түнөл кылганда анын кулагына түндүк шуру тагат беле?*

ТҮНӨМӨЛ *ыск., чүй.* түнөп, ачып – кычып калган тамак; *таңдайың катып чөлдөсөң да түнөмөлдөн жутпачы.*

ТҮНӨӨН *лейл.* бая күнү; *түнөөн келем деп келвей калды.*

ТҮНӨӨНГҮ *лейл.* бая күнкү; *түнөөнгү иш кимге жүктөлдү.*

ТҮНӨӨЧ *ыск.* конок, мейман; *биздин үйдө үч түнөөч жатат.*

ТҮНӨРҮК *ыск.* боройлоп кар жаап, же боз түшүп, же удургуп кара булут каптап, күндүн көзү көрүнбөй калган учур; *күн бүгүн түнөрүк тартып турат.*

ТҮНӨРҮҢ *алб.* ачылбай түнөрүп

тургандык; *түн түнөрүңгө айланганбы дейм?*

ТҮНӨТӨР *баткч.* 1. өлгөн кишинин сөөгү; *илгери түнөтөрдү цапарга салган беде?;* 2. кара аш; *бир кой сойуп түнөтөр өткөзгөн*; **түнөтөр акы** *эск.* үйлөнүү тоюнда биринчи түнү кызды коюнга жаткырып эмгек кылган жеңеге төлөнүүчү акы (азыр бул көрүнүш эскирген).

ТҮНӨЧҮҮ *лейл.* түнкү; *түнөчүү конок дедим.*

ТҮНТӨЙЛҮК *чүй.* түшүнбөстүк; *түшүндүргөн кепке түшүнбөй эмне түнтөйлүк кылмак беле?*

ТҮНТҮШ *ыск.* быжырап көбөйүү; *түнтүшкөн калың эмне экен?*

ТҮНҮНКҮСҮН *баткч.* түнкүсүн; *түнүнкүсүн цалвар шым кийет эде девечи.*

ТҮНЧҮЛҮК *суз.* бир түндүк, түн бою; *түнчүлүк жол жүрсөң бир караган бар.*

ТҮҢГҮР: аңгыр–түңгүр *чүй.* өңгүл – дөңгүл; *алыстан карасам аңгыр–түңгүр, жанына барсам капкалуу темир* (таб. жаңгак).

ТҮҢКӨЙ *жжол.* таң ата баштоо; *таң түңкөйө баштады.*

ТҮҢӨЛ *жерг.* түңүлүү; *түңөлүп меннен кетбеңиз.*

ТҮҢҮРӨЙ *алб.* кеч кирип караңгы тартуу; *үй түңүрөйүп кетти, жарыт.*

ТҮП I *батк.* такыр; *түп эле барбадык.*

ТҮП II *жжол.* түт!; *тоокту биз түп! – деп айдайбыз.*

ТҮПӘЙИЛДИК *батк.* жорук – жосундун бузулушу; *түпәйилдиктин негизиден шундай болду.*

ТҮПӘН *жерг.* кен ойну (чүкө); *түпән же гән түп деп ойнойвуз.*

ТҮПКӘНИ *лейл.* келесоо, кайсар; жинди; *түпкәнини караң, жүзүмдү жегин у, багыны сурава дейт.*

ТҮПКӨ *кочк.* бир нерсенин эң түп жагы; *тээ түпкөнүн түвүнө сактап кой.*

ТҮПКҮЧ I *батк.* жүгөрү, мекени оруп алгандан кийинки дүмүрү; *түштөн кийин мәкәнин түпкүчтөрүнү тешип тәштәгилә* (кээде "мәкә түпкүч, жүгөрү түпкүч" деп да айтылат).

ТҮПКҮЧ II *батк.* бирөөнү жекирип, кагып сүйлөөдө колдонулчу сөз; *о, түпкүч, жек көрвөсүн.*

ТҮПӨК I *батк.* топ; *чилдин балдарыдай бовой түпөк богула.*

ТҮПӨК II *өзг.* күлтүктүн үстүнө эски – уску чүпүрөктөн тегерек кылып коюлган тоголок чүпүрөк; *эртеге чейин бешиктин түпөгүн оңдоп койсун.*

ТҮПӨК III *зам.* чоподон жасалган карапа идиштин бир түрү; *чопок, түпөк, кыша — үчөwү үч бөлөк.*

ТҮПТЕМЕ *батк.* жыгач челек; *түптемени кол менен жасайт.*

ТҮПТӨ I *тал.* такыр; *минтсе түптө эле түнөwдөн кырып салат каа?*

ТҮПТӨ II *түнд.* картошканын түбүн жумшартып, топурак үйүп коюу; *картөшкөнү качан түптөйсүңөр?*

ТҮПТӨН I *өзг.* илгертен; байыртадан, баштадан; *бул жерде кыргыздар түптөн жашайбыз.*

ТҮПТӨН II *жерг.* такыр, түк, эч бир; *сиздердин келгендерди түптөн билведим.*

ТҮПҮЛ: капыл–түпүл *чүй.* карп – курп; *капыл–түпүлүнөн чыга калвасын.*

ТҮПҮР *батк.* түкүрүү; *түпүр–түпүр оwзуңдагыны.*

ТҮПҮРӨ *чүй, сейр.* канал казыла турган нук; *бир кесте түпүрө да кастырды.*

ТҮР I *алк.* деңгенеде бөлүп – бөлүп коюлган эт; *беш киши бир түрдү бөлүп алды.*

ТҮР II *пам., ал.* 1. түртүү; *сен ону түр*; 2. *түнд.* кошулуу; улануу; *күндөр айга түрүлөт да, билинбей өтө берет.*

ТҮРГӨК I *зам.* "күзүк көтөргүчтүн" астына коюлчу тирегич; *түргөктү таптаса, жаагын көчүрүп кой.*

ТҮРГӨК II *чатк.* 1. жиптин түмөгү; *аламычтын түргөгү колго согулат*; 2. *жерг.* түйүн; *жиптин түргөгүнү чыгар.*

ТҮРГҮЧ *түнд.* комуздун кылын түрө турган эки башы ачакей кичинекей жыгачча; *түргүч менен түпөктү койо койуп, өөнгө түшүп кетти.*

ТҮРЕПЕТ *тоң, жумг.* адамдын кейпи; *түрепети бузулуп калыптыр.*

ТҮРКӘШ *батк.* күндө түрдөнүп жасанган сылаңкороз; *түркәш адам түркәштигидән жадавайт.*

ТҮРКИЙИЗ *ал.* шырдак; *жерге түркийизди салып кой.*

ТҮРКӨК I *тал.* тирөөч, түркүк; *түркөй киши турвайвы, түркөктү билвей койду.*

ТҮРКӨК II *чүй.* куйтку; *ошонун түркөгү менен чыгарып живерген.*

ТҮРКӨКТӨЛ *чүй.* шыкалуу; *түркөктөлтө чыкты, калгандарын кургатып ичеги кылавыс.*

ТҮРКҮ I *батк.* куйруктуу чоң койдун тукуму; *тойго түркү кой жетелеп келиптир*;

ТҮРКҮ II *зам.* кебете; *эх, сен түркү сүүк, нимелер кылып койдуң, жовоп бер энди.*

ТҮРКҮ III *пам.* түлкү; *түркү ичик кийип жүрөт.*

ТҮРКҮК *лейл.* "күзүк көтөргүчтүн" астына коюлуучу тирөөч; *шыралжын чегменди* (ичке жол – жолу бар жашыл чийбаркыттан жасалган сырт кийим) *түркүккө иле койду.*

ТҮРЛӨНКӘЛ *батк.* орду жок жасангандык, сылаңкорооздонгондук; *түрлөнкәл болсо йәм ичиң өттү — күчүң кетти.*

ТҮРМӨ: түрмө теветей *тал.* жээгин түрмөк кылып, сыртын мата менен шырып тигип, козунун көрпөсүнөн жасаган баш кийим; *түрмөнү берчи, тоwто кийип барайын.*

ТҮРМӨК *ноок.* ним кылуу үчүн атайын тизилген тамеки жалбырак; *түрмөктү илевиз.*

ТҮРӨ *чүй.* бүт; *эл түрөсү калбай түгөлү менен барды.*

ТҮРӨГӨЙ *түнд.* 1. жүнү узун, суукка чыдамдуу тайгандын бир түрү; *түрөгөй тайганды аңчылар багат*; 2. *өтм.* жүдөө, жаман, начар; *түрөгөй торпок өңдөнөт.*

ТҮРӨГӨНЧ *алб.* түрөөнөк; *түрөгөнчкө ит тапандын шурусун тизгизип кой.*

ТҮРП *түшт.* составында эфир заты көп келип, адамдын тамакка болгон ичтейин ача турган, көбүнчө майлуу тамак менен салат катары желе турган өсүмдүктүн аты; *бир түп тыт, бир түп түрп, түрп тытты түртөт, тыт түрптү түртөт* (жаңылмач. Түрп өңүнө карата "ак түрп, көк түрп" болуп да бөлүнөт).

ТҮРПӨ: әлдә түрпө *батк.*1 жалакай; *жиндидей әлдә түрпө болосуң да*; 2. кубулма; *түрмөн түстүү гүл деп отуруп әлдә түрпө бово*; 3. куйту; *ол алда түрпө богондуктан, ону урду.*

ТҮРПӨЙ *кочк.* пейил, кейип; *элдин түрпөйүнө көз салды.*

ТҮРПӨТ *акт.* кебете – кепшир; *анын кыжынсынган түрпөтүн байкап калды.*

ТҮРПҮ *чатк.* сүйөөч; *түрпүсүн түптөн сындырдың.*

ТҮРПҮЛӨН I *ноок.* бүшүркөнүү; *саал кыйшайа берип түрпүлөндү.*

ТҮРПҮЛӨН II *ыск.* жетине албай кудундап сүйүнүү; *түлкү ичигиң кийинчи, түрпүлөнүп сүйүнчү.*

ТҮРР *жерг.* койду чакырганда колдонулчу сырдык сөз; *маарап келсе жарашат, түрр – түрр – түрр...!*

ТҮРСҮК *ыск.* аттын туягынын үстүндөгү чачык; *кара түрсүк, жез билек ат.*

ТҮРТКӨЛӨҢДӨШ *чүй.* түртүш; *түрткөлөңдөшүп жол бербей койду.*

ТҮРТКӨӨК *батк.* түртөнөк; *йадро богон жарышта ол биринчи болду, жүдэ йэм түрткөөк экен.*

ТҮРТКҮЧ *батк.* килем токууда колдонула турган аспаптын аты; *ата даңкы менен, ат талпагы менен, түрткүч кана?*

ТҮРТМӨ *чүй.* кызылча отоочу курал; *бешиктен бели чыга элек жатып түрттмө жасайм дейт.*

ТҮРТМӨК *пам.* бир нерсени түртүп жулуп олдоксон иштеген адам; *түртүп чыксам эшикти түртөөк жигит девеңер.*

ТҮРТӨҢДӨ *кочк.* жактырбай тиртендеп ачуулануу; *э, катыгун деп, –түртөңдөду.*

ТҮРТӨӨК *батк.* түрткүчүл; *йадрону дайым түртүп жүрсө, киши түртөөк болот.*

ТҮРТӨСҮНӨН *тал.* капысынан; *жоwто түртөсүнөн кол салуw айласы изделген экен.*

ТҮРТҮН *өзг.* түртүлүп кадалуу; *чыкпас туйукка түртүнөт.*

ТҮРҮШ I *ал.* топоз букаларынын бир нече күнгө сүзүшүп тургандагысы; *түрүш башталганда котостор кыргыз үйдү кыйратып да кетет* (топоздордун түрүшүндө алар өз ара бири – бирин жеңмейинче эч ажыратууга болбойт. Кээде алты – жети сутка оттобой, суу ичпей челишип тура берет. Бирин экинчиси майып кылса, ошондо гана ажырашат).

ТҮРҮШ II *пам.* сүзүшүп – тирешүү; *букаралар түрүшүп, үйдү көтөрүп кетчү экен.*

ТҮСБАРЛА *пам.* болжолдоо; *билбегенден кийин түсбарлап әйтпәгин.*

ТҮСБАРЧЫ *пам.* божомолдоп эле сүйлөй берген киши; *ушакчы киши түсбарчы.*

ТҮСКАНА *зам.* өңү – баш, түс; *жаныл турган чыраптай түсканаңдан ак сuwсар.*

ТҮСКӨР *батк.* кетенчиктетүү; *кийниге түскөр, түскөрвөйвүсүң?*

ТҮСМӨӨЛ *лейл.* божомол; *шолор дагы, түсмөөл менен айткан.*

ТҮСМӨЛДӨ *батк., ноок.* болжолдоо; жоромолдоо; *түсмөөлдөвөй тuwры әйтчи.*

ТҮСӨН *атб.* бир нерсенин орду, жайы; *түптүз кылат түсөнүн бирди койбой таптаза.*

ТҮСӨР *өзг.* кайтаруу, чегинтүү; *Калжабек калыс түсөрдү.*

ТҮСС *батк.* айбанды кетенчиктетүү; *түсс – деп, кийниге тарт.*

ТҮСТАВАК *пам.* тамак жей турган жайык, тайпакай жыгач идиш; *чыңданып, түставак жасаган чымынча жан саламат.*

ТҮСТОWУК *зам.* кыргоол; *хаары атага түстоwуктан шөвлә жаса.*

ТҮСТОПУ *төл.* эркектер кие турган кооз сапаттуу топунун бир түрү; *жәйләнбаган түстопу, жазы маңдай шиш чоку.*

ТҮСҮРҮЛ *батк.* артка чегинтүү, кетенчиктөө; *буканы түсүрүлтчү, бол түс – түс десең.*

ТҮТ *чүй, ыск.* тоокту айдап жиберүүдө колдонулчу сырдык сөз; *түт, бир урчу ошо тоокту.*

ТҮТӘККӘШ *пам.* түтөкчүл; *түтәккәш жер оwурлук кылат.*

ТҮТКҮЧ *чүй.* түпкүч; *түткүчтү тегерек темирден жасайт.*

ТҮТМӨ: түтмө – түтүн *кочк.* түтүнмө түтүн; *түтмө – түтүн кыдырып айтып чыкты.*

ТҮТӨ *батк.* күңүрттөнүү; *көп түтөвө, көп эле калпактын түрүмү деве.*

ТҮТӨК *алк.* сабагы ичке келип, бийиктиги он беш см. болуп, жалбырак албай туруп эле майда – майда гүл чыгарган, мал жебеген демди кыстыктырган, өнү саргыч өсүмдүктүн аты; *түтөк жалвырак чыгарбайт, жанчып дары кылат.*

ТҮТӨМӨ *тторо.* кулагына дары салып, милте менен атылчу илгерки кара мылтыктын бир түрү; *түтөмө деген мылтыгывыз бар эле.*

ТҮТӨТКҮ *батк., тал.* 1. парниктеги тамеки көчөтүн сууктан сактоо үчүн саман – сумандан түтөтүлүп коюлушу; 2. *өзг., эск.* жаш бала ыйлап беймаза кыла бергенде салып түтөтүп ысырыктоо ырымы; 3. *лейл.* кандайдыр бир нерсеге арнап түтөтүлгөн зат; *жалкуйруктан түтөткү ал.*

ТҮТӨТМӨ *түнд.* түтөтүлө турган нерсе, буюм; *түтөтмө мылтыктын түтүгү.*

ТҮТҮВӨК *лейл.* өнү көк, өзөгү жок, кичине – кичине жалбырак алган өсүмдүктүн аты; *хавүлдөгө да, түтүвөккө да жүгөрдүм, нааразы болбоссуз.*

ТҮТҮК *жерг.* 1. балтыркандын өзөгүнөн жасалган чоор сыңары курал (үн созуу үчүн колдонулат); *түтүктү кадимкидей тартат;* 2. эриген күмүштү суута турган курал; 3. *өзг., батк.* өсүмдүктүн аты; *түтүк оту чыгыптыр;* 4. *түнд.* мылтыктын стволу; *кара мылтыктын түтүгү кандай болчу эле?*

ТҮТҮМСҮЗ *батк.* жука, үлдүрөк, ичке; *жүдә ле түтүмсүз болуп кетпесин.*

ТҮФ: түф–түф бер *пам.* ордодогу кандын жанына чүкө салуу; *кандын жаныга ашыкты салып түф–түф берет.*

ТҮФӨК *жерг.* чачты кыска кылып кесип түбүнөн бууп алуу; *кызынын чәчини кәлтә түфөк кылыптыр ("түпөк" деп да айтылат).*

ТҮШ I: жылан түш *ал.* жыландын элесин берген сайманын аты; *жылан түштү кештелеп бүттүңбү?*

ТҮШ II *пам.* эшекти токтотуу үчүн айтыла турган сөз; *түш, эшегим, түш!*

ТҮШ III *ал., жерг.* 1. турмушка чыгуу; *жакшы адамга түшсөң жыргайсың, жаман адамга түшсөң кургайсың;* 2. уруу, коюу; *башыга түшүр, былк этпесин;* 3. баруу, келүү; *towдон чөлгө түшүп кетти;* эртеге базарга түшөм; а **дүйнөң түшкүр** дүйнөң соолгур; *дүйнөң түшкүр, сен кайда жүрдүң?;* **катын түшкүр** *жжол.* кудай урган; *өгүнү катын түшкүр бир топу таап алды.*

ТҮШЕ: түше–түше *пам.* эшекти жемге чакыруу үчүн, кармоо үчүн айтыла турган сырдык сөз; *жәмән боз эшекти түше–түше девесең кевейт.*

ТҮШКЕЛЕ *ал.* түшкө чейин эле; *түшкеле әйләнтип койосуң.*

ТҮШКӨЛӨЙ *лейл.* тескей; *күн түшкөлөй жакта.*

ТҮШКӨЛӨЙТҮН *алб.* тескейден; *түшкөлөйтүн нары кетип калды.*

ТҮШКӨЛҮК *ал.* 1. түштүк жак; *түшкөлүк жактан жыйнаган малы болот;* 2. түш ченде ичиле турган тамак; *түшкөлүккө имне жасап койойун;* 3. эртең менен аттанса, түшкө чейин жете турган аралык; *ортосу бир түшкөлүк жол эле* ("түшкүлүк" болуп да айтылат).

ТҮШКҮЛҮК *лейл.* түшкү тамак; *арыс аттап кетсе йәм* (ишиң онунан келбесе да) *түшкүлүктөн кавачы.*

ТҮШМӨЙ: кайра түшмөй *чүй, эск.* ника тоюнда кудалар аттанганда кайра түшүрүп, үйгө киргизип, бир аз тамактандырып, анча – мынча сый өндүрүп алуу; *кайра түшмөйдө үч–төрт метир кездеме берет* (азыр бул көрүнүш жоюлган).

ТҮШӨГӨНЧ *алб.* түшөөнөк; *төw замандын түшөгөнчүнөн болгон экен.*

ТҮШӨЙ: түшөй–түшөй *түнд.* кой – козуну чакыруу иретинде колдонулуучу сырдык сөз; *түшөй түшөй, жаныварым!*

ТҮШӨӨҢӘЧ *батк.* түшөөнөк; *азыркы жаштар бийге жүдә түшөөңәч болдулар.*

ТҮШТӨСҮ *суз., акт., тторо.* түш ченде, түштө, түшкүсүн; *эртең менен төрт буттап, түштөсү эки буттап, кечиндеси үч буттап басат* (таб. адамдын жаш кезде эмгектеши, анан тике жүрүп басышы, карыганда таяк алып калышы).

ТҮШТӨСҮНДӨ *жерг.* түш ченде, түшкүсүн; *түштөсүндө эс алат.*

ТҮШҮНДӨ *ал.* түш маалында; *түшүндө бергем бир галдай.*

ТҮШҮНЧӨ *лейл.* кичине, майда түшүнүк; *ойдон–кырдан алынган түшүнчөлөр.*

ТҮШҮРҮМДҮК *акт.* эгинден берилүүчү үлүш; *боору жазы Арпага барганда түшүрүмдүк берет.*

ТҮШЧҮЛҮК *пам.* колго үйрөтүлгөн жырткыч; *багып жаткан түшчүлүк көргөн жанды жалмаган.*

ТЫВЫР *ноок.* бир нече бала жерге отуруп, буттарынын башын тийиштирип, анан башчысы; аппан, жаппан, саман, чапан, ийри комуз; жарык жылдыз, онокой, сонокой, сен туруп, сен чык – деп, ар бир баланын бутуна кол тийгизип, кимге "чык" деген көз туш келсе, ал оюндан чыгып ойногон оюндун аты; *тывыр–тывырды бала кезде ойночувуз.*

ТЫВЫРЧЫК *чүй.* тыбырчылап тура албагандык; *аттын буту жөн тура алваган тывырчык.*

ТЫВЫТ I *батк.* тамыры чайлап, дүпүйүп кете турган, узун сабак алып сыйда өскөн өсүмдүктүн аты; *тывыт чөптү чапып алавыз.*

ТЫВЫТ II *тал., чатк., суз., зам.* чөбөгө; *каймакты сызгырып тывытын балдарга берчи.*

ТЫГЫЛ *түп.* ачууланып туттугуу; *ой, бир тыгылып, кызарып–татарып, өңү жаман бузулду.*

ТЫГЫЛЫНЧ *батк.* жык, тыгылыш; *автовустун ичи тыгылынч экен.*

ТЫГЫЛЫШ *батк.* шашылыш, кысталыш, ашыгыш; *тыгылыш кывай жөн өтчү.*

ТЫГЫН *батк.* көп, жыш; *тегирменде дан тыгын экен.*

ТЫГЫНДЫ *түнд.* тыгып коюуга ылайык келчү нерсе; *анын оозуна бир тыгынды керек.*

ТЫГЫРЧЫК *пам.* тоголок; *тыгырчык–тыгырчык кылып койуп койду.*

ТЫГЫРЫКТА *өзг.* тоголоктоо; *тыгырыктап каткан экен.*

ТЫЗГЫ *жерг.* тызылдып чуркоо; *кыштакка чуркап кетти тез тызгып.*

ТЫЗГЫТ *өзг.* чаап жөнөтүү, узатуу; *миршаптарын тызгытты.*

ТЫЗДАҢДА *батк., ноок.* чычалап тыбырчылоо; *әзиләкәм әйтип койсом, тыздаңдап кетет экенсиң.*

ТЫЗЫЛДАК *иск.* 1. жеңил, тызылдап чуркап кетүүчү бала; *оо, тызылдак, "талп этти талып калды" деген эмне?* (таб. баш); 2. тилди ачыштырып жиберүүчү ачуу нерсе (калемпир, мурч ж.б.); 3. *ноок.* чычалак; *гәптин мәәнисиге түшүнбөй ле тызылдак боло бересиң дә.*

ТЫЙААК *ал.* тыя берме; *балдардын жаныга кегенде тыйаак боло верет.*

ТЫЙАГАНЧ *алб.* тыянак; *кайтармага жол бербеген тыйаганчка кавылды.*

ТЫЙАНА *чүй.* натыйжа, үзүр; *эч бир тыйанаңды көрвөдүм го.*

ТЫЙВЫКЕ *ноок.* эч нерсеге алы келбей тырандай берген кишиге карата айтылчу сөз; *тыйвыкенин ойу да бардыр?*

ТЫЙВЫҢДА *ноок.* тыбырчылоо; *әә, сен тыйвыңдавай эле кой.*

ТЫЙВЫЧЫК *ноок.* алы жок, тырбандай берген кичине бала; *оо, тыйвычык, сенин әйтәриң шуву?*

ТЫЙГАК *ал.* тыйып үйрөнгөн; *өзүдөн кичикке тыйгак боло калат.*

ТЫЙЗА *ыск., эск.* илгери Синьцзянда колдонулган акча единицасы; *айлансам акем баатырым, мына шонтип тыйзасы жок кеттиңби?;* **жармак тыйза** илгерки ортосу көзөнөк жез тыйын; жыгач тыйза жука тактайчадан жасалган жыгач акча бирдиги; **май тыйза** майга сиңирилген чүпүрөк акча бирдиги (азыр эскирген түшүнүккө айланган).

ТЫЙКЫ *чүй.* айла, амал; *кысынын тыйкысы түгөнөт.*

ТЫЙНАК *атб.* кичине, тырмактай; *коргошундай көйнөк бекен, кокуй ала тыйнак бекен?*

ТЫЙПАҢ: тыйпан–тыйпан *ыск.* тыйп–тыйп эткен кыймыл; *манчалары тыйпаң–тыйпаң, белдери кыйшаң–куйшаң.*

ТЫЙТ *чүй.* тынчытуу, тим кылуу үчүн айтылчу сырдык сөз; *тыйт, ал буйумду тыгырчыктава.*

ТЫЙТАЙ *тал.* таарынып коркута калуу; *бүрөw этке чакырваса, тыйтайып калат.*

ТЫЙТЫЙПЫТ *батк.* тыптыйпыл; *тыйтыйпыт кылдылар дә, бир пәлек, отуз хәмик ону жеген оңбосун деп койдулар.*

ТЫЙЫМ *түп.* тыюу; *сөз айтуума тыйым салды.*

ТЫЙЫН *жжол.* тынуу; *кан төгүшпөй тыйынгыла.*

ТЫЙЫНГҮЛ *чүй.* гүлү кооз, тегерек келген өсүмдүктүн аты; *сөйкөгүл, тыйынгүл өңдөнгөн саймадай коос гүлдөр бар.*

ТЫК *чатк.* 1. чапкынын уңгусу; *чөпкө чапкынын тыгы өтөт бекен?;* 2. сүргүнүн бычагы; *кызылы кырда, жашылы жарда, хәммәсини әйтәйинби, йә сүргүнүн тыкын курчутайынбы?*

ТЫКАҢДА *түшт.* чыйраксынуу; бышыксынуу; *мен тыкаңдаган жигит элем.*

ТЫККЫЧ *пам.* элечек тартынганда чеке жакка сүйрүрөөк тартылып чыгып турган маңдайы; *сен деле пышкан хәнделек десе, ол тыккычыны оңдоп уктулар.*

ТЫКТАН *жжол.* нурдануу; *эми гана тыктанып тамылжып чыкты.*

ТЫКТУW *жжол.* учтуу; *тыктуw кылычка ким чыгат?*

ТЫКЫРЧАК *ыск.* 1. тыкыр–тыкыр этип үн чыгарган нерсе; 2. *өтм.* бешик; *тыкыр–тыкыр тыкырчак, тыкырчактын ичинде бакырчак* (таб. бешик, бала).

ТЫКЧА *батк., терг.* анардан даны; *кичинекей мыкча, ичи толо тыкча.*

ТЫЛТЫЙМАТ *ыск.* тылтыйган кичине нерсе; *тылтыймапты кара, тылтыйып калды.*

ТЫЛТЫЙТ *тал.* тилди уурт жагынан кичине чыгарып коюу; *тилин тылтыйтып бышкырып койду.*

ТЫЛТЫК *жжол.* көк беттенип тултуйгандык; *тылтык экенсиңер, бир сөз айтпадыңар.*

ТЫЛТЫҢ: тылтың–тылтың *түнд.* кичине нерсенин чүрүштөп жып–жып этип көрүнүшүн элестеткен сөз; *тылтың–тылтың этет дейт ко.*

ТЫЛТЫҢДА *түнд.* тылтың этүү; *тылтыңдатпай ары бас.*

ТЫМ I *жерг., ал.* жөн; *эр туwганы колду жумуп тым отур, айал туwганы кайталап жеп тойуп отур;* **тым эле** жөн эле; **тым кайт** 1. жөн кайт; 2. куру кайт; **тым эки** *ттороо.* ордо ойнунда үч чүкө болуп калса, анда эки оюнду катары менен атуу жолу; *тым эки деген тыкыр–тыкыр үн чыкты;* **тым–тым** *тал.* мелдешип

эч ким сүйлөбөй, сүйлөсө жыдып, андан шап алып ойногон оюндун аты; *тым–тым ойнойлуву же тыйын тавыш ойнойлуву?*

ТЫМ II *зам.* эң, өтө, абдан; *тым көк неме экен, жакшы түшөп жатат деп боводу; түштөгү ашка түштүк жерден киши келер деп, о тым сары ойуга койводу.*

ТЫМАК *түшт.* тумак; *өлүккө ыйлаган эссиз көз, өтпөскө айткан эссиз сөз, тымагыңды ондоло.*

ТЫМПЫЙМАТ *түп.* тымпыйып жүргөн адам; *Шекерган эжем укмуш тымпыймат.*

ТЫМСАК *түнд., эск.* крокодил; *ээ, биз илгерки кыракадил дегенды тымсак деп укканбыз.*

ТЫМСАЛ *жерг., лейл.* 1. мисал; *тымсал кылып гәвирәт*; 2. лакап; *шондон элде тымсал каган*; 3. табышмак; *бир–экиден тымсал айткыла.*

ТЫМСАЛЧЫ *жерг., лейл.* мисалчы; *тымсалчыга кырк аркарды ырдатавыз.*

ТЫМСЫК *батк.* жанбагар жалкоо; *тымсык семиздин сөзү семиз.*

ТЫМТЫК *пам.* жыртык, кийимдин тымтыгы чыгып бүтүптүр.

ТЫМЫЙ *өзг.* тымпыюу; *сөз чыгарбай тымыйды.*

ТЫМЫРСЫК *жерг.* акырын, жылма ушак жүргүзгөн; *хаммә гәп тымырсык кишиден чыгат.*

ТЫМЫРТЫС *батк.* 1. ичимен тап; *ол киши өзүгө пышык, тымыртыс иштейт*; 2. билинбестен, байкалбастан; *тымыртыстан эле зоройуп кетипсиң.*

ТЫМЫРЫҢДА *батк.* мурун чүйрүү; *тымыраңдавай бас нары.*

ТЫН *лейл.* күр, семиз, жер; *Сасык–Булак, Сары–Дөш чөптүw тын экен.*

ТЫНА *зам.* боз талаа; *тына жерге келдик.*

ТЫНАА *чүй.* 1. келтек, калтек; *түш ченде, тынаа жасап отурган*; 2. жыгачтан жасалган барскан; *шынааны тынаа менен кагып чыгар* (мак).

ТЫНДАК *ноок.* колдун тырмагы; *колдун тындагы өсүп кетиптир.*

ТЫННА *батк.* турна; *тынна учуп бараmат*; **тынна тарамыш** сараң, битир; *бир тынна тарамышың ки, агаңды бирөwгө бервеген.*

ТЫННАК *өзг., батк.* тырмак; *тыннактын агыдай болбой өткөн гәптән түш жакшы экенин билип ал.*

ТЫНОW *тал.* айдалбай кысыр калган жер; *тынow алган аңыздар бүwланып жатат.*

ТЫНЦ *баткч.* тынч; *тынц–аман, күwлүw–күцтүw турасыңарбы?*

ТЫНЧ *жжол.* каза болгондук; *кылчайбас жакка тынч алды* ◊ **тынч отурасыздарвы?** жакшы турасыңарбы?; **тынч аман ойноп–күлүп жүрүппүз** эсен – соо жүрөбүз; *тынчыта койво эс алдырба.*

ТЫНЧСЫЗ *лейл.* тынымсыз; *жер өз огу менен тынчсыз айланып турат.*

ТЫНЫК *тал.* тынч, жай мал семиз, *малчылардын көңүлү тынык.*

ТЫНЫҢКЫ *кочк.* бир аз тыным алып, санаа токтогондук; *аны көрүп, санаам тыныңкы болду.*

ТЫНЫЧТЫК *түшт.* жоош, момун; *э, ал өз балам Тынычтык.*

ТЫҢГЫЛДА *батк.* дайны жок сүйлөп, киришүү; *тыңгылдавай жөн отурчу.*

ТЫҢДА *түшт.* сөздү баамдоо, талдап угуу; *әкәлик сөзүмдү тыңда.*

ТЫНДАН *пам.* элирүү; *ону көрсө тыңданып кетет.*

ТЫҢДОWЧУ *жерг.* угуучу; *Майрам орус тилинен тыңдowчу.*

ТЫҢКЫ *батк.* чикиттин баласын кандайдыр бир нерсеге (ташка, топуракка ...) бир жагын коомай

жөлөй коюп, анан "чикитип" чабуу учуру; *тыңкы кылып чикиткенде секирип кетет.*

ТЫҢТАРС *тоң.* бышык, чыйрак; *эмгекчил, тыңтарс, ачык айрым адам.*

ТЫҢШЫЙ *ыск.* угар – укмаксан болуп унчукпай коюу, дулуюп отура берүү; *уркуйган тизелерине тыңшыйып өз арвайында* ("тиңший" болуп да айтылат).

ТЫПАН *алб.* бир адатынан жазбаган жорго, чүкө; *тыпан жорго жоргосун эч жазвайт.*

ТЫПТА *жжол.* чер; *тыпта токой түнү тынow какпады.*

ТЫПТЫЙКЫЛ *чүй.* тыптыйпыл; *тыптыйкыл эт комбинатына өттү.*

ТЫПШЫГЫЙ *жжол.* быйпыгый чолок мурун; *мен деди тыпшыгый мурун чачы өскүлөң бала.*

ТЫПЫ I *чүй.* тыкчырайып, тыпыйып кийинген; *тыпыдай болуп кийинип алыптыр.*

ТЫПЫ II: тыпы–пыты *батк.* быт – чыт; *пүркүт тыпы–пыты кылып тээптир.*

ТЫПЫЛДАК *түнд.* тып – тып этип, жаны тынбаган, баскан, сүйлөгөн кичине чыйрак адам; *аа, байагы Бердигулдун тыпылдагывы, ал сага жемин жедирвейт.*

ТЫПЫРА *жерг.* тапырата чабуу; *ол атыны чавып, шунан нары тыпырап кетти.*

ТЫПЫРЧЫТА *түшт.* тыбырчылоо; *тыпырчыктап турат, тыңгылыкка кетет го.*

ТЫПЫТТУW *тал.* тыбыттуу; *силердин эчкиңер тыпыттуw экен.*

ТЫПЫТЫП *батк.* чакмак таш ойнунда таштарды жерге таптап алуу учуру; *тыпытып кылып алаттар.*

ТЫР *батк.* ооналактагандык; *эшек баласы тыр атат.*

ТЫРААЛА *ыск.* бир нерсеге орду жок, эби жок эле көшөкөрлөнүү, моюнкуробоо; *тыраалап ыйлап, бааланып, барктанды.*

ТЫРАЙ *түнд.* балдар эки топко бөлүнүп, тегерек чийин сызып, уй мүйүз тартып отуруп, бирин корукчу кылып, анан кезек менен бири – бирине кол салып ойногон оюндун аты; *тырай ойногондо корукчуга карматпай койдум.*

ТЫРАК *батк.* балдардын кубалашып, калп эле атышып ойногон ойну; *тырак деп ойноп жүрөттөр.*

ТЫРАКЫ *батк.* 1. көтөрүм, арык; *биттэ тыракы торпок бүт пэдэни булгайт*; 2. чабал; *иш билвеген тыракы бовосоң, күндөн күнгө тын сүwүй электе түзүк иште.*

ТЫРАМАЙ *жерг.* сары түстөгү күздүк алма; *тырамайы кеч пышат.*

ТЫРАНА *жерг.* туңгуюк; *эгиз тырана, тегиз тырана, миң бир чечек, бир жапырмак* (таб. асман, жер, жылдыздар, ай).

ТЫРАҢ *батк.* колунда эчтекеси жок жалаң болуп калгандык; *көп ашайм деп отуруп, тыраң ашып калат.*

ТЫРАҢБАЙ *жжол.* атка минер; *төрт тыракыны айдап тыранбайы келатат.*

ТЫРАП *жерг.* узундуру 7 – 8метр келген тактайдын бетине эни 30см келген тактайчаны аралыгын 40 – 50см кылып жасаган шаты; *тырапты алып кел, лай чыгаравыз.*

ТЫРАТЫРА *зам.* ар дайым тырра – тырра дегенсип үн чыгарган канаттуунун аты; *тыратыра келип каганга окшойт.*

ТЫРВЫЙ *батк.* жыртаюу, тартылуу; *көз өзү кулакты көздөй тырвыйып тартылып калат дэ.*

ТЫРВЫК *батк.* көздүн оң же сол жагынан кулакты көздөй тартылып калышы; *ии, байагы тырвык көзбү?*

ТЫРВЫЛ *батк.* темгил; *суунун жээги тырвыл–тырвыл болуп каган.*

ТЫРВЫТ *жерг.* ич алдыруу үчүн, шейшеп ачуу үчүн колдонула турган

өсүмдүктүн аты; *тоw көлү тымып турганда тырвытка баравыз.*

ТЫРЖЫҢ *пам.* кырс; *ээ болбогон бир тыржың киши экен.*

ТЫРК I *өзг.* чаржайыт болуп чачылган нерсе; *эсим жүдэ тырк болду.*

ТЫРК II *пам.* кыйч; *бир уваkта эшик тырк дей түштү.*

ТЫРКЫТ *батк.* чачыратып таратуу; *силерди чилдей тыркытып жүтөрвөсүн.*

ТЫРКОО *чүй, сейр.* от калак, от күрөк; *тыркоону жерге тыштап койдуңбу?*

ТЫРКЫ күнсөр; *тыркы чаначтай тойуп алдым.*

ТЫРКЫГЫЙ *жжол.* далдайган чоң; *ой сен, тыркыгый, отура бересиңби?*

ТЫРКЫРА *жерг.* 1. үбөлөнүү; *тышы тондой жылтылдайт, ичи ундай тыркырайт* (таб. жийде); 2. дыркырап качуу; *тыркырап үйгө жөнөдү*; 3. чачыроо; *чилдей тыркырады, кандай жыйавыз?*

ТЫРКЫРАК *батк.* чачкын; *Әливек эли менен, Жәнивек жәни менен деген тыркыpактын бири ол.*

ТЫРКЫШ *зам.* майда жарык; *тыркыштан да өтүп кеткен жандык бар дейт.*

ТЫРЫЛЫЧ *пам.* "күзүктүн" алдына коюла турган кыска ичке таякча (аны менен түр жип бөлүнүп турат); *тырылычты тартса, ылык тыноwу сезилип турду.*

ТЫРМАЙ *кочк.* тыртаюу; *тырмайган неме балта көтөрө алавы?*

ТЫРМАК *жерг., өтм.* тукум, туяк; *бир тырмакка зарбыз*; **бадал тырмак** *жерг.* сөөмөй; *сөөмөй деп әм, бадал тырмак деп әм айтат* (Жерге – Талда салаалалар төмөнкүдөй аталат: баш бармак, бадал тырмак; ортон оймок, оолживек, кичине бөвөк); **жез тырмак** *түнд.* карып калган бүркүт; **ит тырмак** *зам.* бою анча бийик көтөрүлбөгөн, түбү тоголок келген, көбүнчө отун катары жагыла турган өсүмдүктүн аты; *түшүңдү сuwта айт дә, ит тырмакка бар* (бар ишиңди жасай бер); **карга тырмак** *жерг., өзг.* 1. тикендүү келген, көбүнчө кой жей турган өсүмдүктүн аты; *карга тырмак — тикендүw от*; 2. шырдактын чекесине кичине үч, төрт, беш ачаланып салынган, буттун тырмагын элестеткен орнамент (бул көчөт кээде "газ айак, тоок пут" деп аталат да, анын эки чекеси кыска, ортоңкусу узунураак согулат); **катын тырмак** *өзг.* 1. чыр, чыргоо; 2. *өтм.* ыйлаак; *катын тырмаак болвой, койчу эми!* (азыр мындай атоо одоно угулуп, колдонулуудан чыгып бара жатат); **кер тырмак** *ноок.* кийимге жабыша турган тикенеги бар өсүмдүктүн аты; *кер тырмактын жалвырагы калдайып өсөт*; **сүлөwсүн тырмак** сүлөөсүндүн тырмагын элестеткен сайманын аты; ◊ **шайтандын тырмагы жумулуп калган** битир болуп бүткөн.

ТЫРМАКАЙ *тоң.* тырмактай, кенедей, кичинекей; *тырмакай жерди тогой алваптыр.*

ТЫРМАКТА *батк.* күм – жам кылуу; *тиш тырмактап жүтөргөндөр.*

ТЫРМАКЧА *пам.* кеште, сайманын бир түрү; *төwөнүн гөшүнү жегендей тырмакчаны бүтпөдүң.*

ТЫРМАЛАКЕЙ *тал.* беш таш ойнунда ортондун үстүнө коюлган таш; *тырмалакейи ортоңго койулат.*

ТЫРМОWУЧ *жерг.* тырмак; *жерди тырмоwуч менен тазала.*

ТЫРМОО *тторо* 1. ат тарак; *жайы келсе бул баладан ат тырмоону берип живер*; 2. *чүй.* мала; *тырмоолорду оңдоп бүтүргөн.*

ТЫРМООЧ *чүй.* тырмоок; *тар*

жерде аш жегиче, кең жерде муш же деп, тырмоочко жүгүрдү.

ТЫРМЫЙ *чүй, сейр.* мышыктын баласы; *тырмыйды кармалап отуруптур.*

ТЫРНА I *тал.* ат тырмоо; *меш тырна айдаганга үйрөттү.*

ТЫРНА II *батк.* тырмоо, тытуу; *шитәнсиздин түшүгө бир гез бөз кирет десе* (сокур тоок буудай түш көрөт), *тырнап берди.*

ТЫРНАК *жжол.* 1. жүк арткан аркандын тенди байлай турган кыска учу; *аркандын тырнагы чыгып кетиптир;* 2. *батк.* тырмак; *эттен тырнак ажыравайт* (мак.); **тырнак катар** *жжол.* турна катар; *майда-майдасын тырнак катар дейт;* ◊ **тиш-тырнагың менен кириш** *зам.* жанды аябай карч уруп иште.

ТЫРНОW *өзг.* тырмоо; *эл owзуга элгек, калк owзуга калкаг тутавысың, тырноwуңду оңдой бер.*

ТЫРП I *тал., батк., лейл., тяньш.* каймак сызгырылгандан кийин калган калдыгы, түбү; *кичине олтуруп тырп жеп кетиңиз.*

ТЫРП II *пам.* 1. иримчик; *жок сурow менен, баш бурow менен болот дә, тырпты көрсөт десең көрсөтмөк;* 2. *баткч.* куруттун майда-майда үбөлөндүсү; *шерик, цаманды цагла, курутту тырп кыла берве.*

ТЫРП III *лейл.* карындын бырты; *"ха" деп эле чакып жейттер, онтпей тырп тазалашкыла.*

ТЫРСА *чүй.* тоо этектерине же өрөөн жерге өсүүчү тулаң чөптүн бир түрү; *тырса баш алып, урук чачавы?*

ТЫРСЫЙМА *түп.* мүнөз күтүп тырсыйып калуучулук; *мансапкордун бир мүнөзү – тырсыйма.*

ТЫРТ *чүй.* оюндун бир түрү; *тырт, чочко деген ойундар бар эле, асыр ойнолвой калгандай.*

ТЫРТАЙ *пам.* арык; *а, байкуш, тыртайым.*

ТЫРТАК *түнд.* обу жок эркелеп тыртаңдай берген бала; *кудай баланды тыртак кылвасын.*

ТЫРТАКЕ *ыск.* обу жок иш иштеген; *тыртаңдабай жүр, тыртаңдай берсең, тыртаке болуп кетесиң.*

ТЫРЫЙТ *түп.* айла, амал; *оң, ай оң! чык-чык! – деп жатып* (бээ сааганда тынчытуу үчүн айтылчу сөз) *тырыйты бүттү.*

ТЫРЫК I *батк.* митаам; *ол өзү тырык адам, чыйыр буза авайт.*

ТЫРЫК II *батк.* 1. сабыры суздук; *жүдә тәви тырык болуп турат;* 2. жактырбагандык; *көңүлүм бир аз тырык болду.*

ТЫРЫКЛЫК *батк.* митаамдык; *тырыклык кылып кошуп койду.*

ТЫРЫМ: тырым-тыракай *ал.* тым – тыракай; *тырым-тыракай кылып кywду.*

ТЫРЫМТЫЛ *ноок.* бою кыска, майда – майда жалбырагы бар өсүмдүктүн бир түрү; *тырылдатып жүргүзгөн тыракторчу болсокпу, тырымтылды үзсөкпү?*

ТЫРЫҢ I *батк., жерг.* тың, чыйрак; *чоң эне, тырың эле жүрөсүңбү?*

ТЫРЫҢ II *жерг.* күч менен удургуп аккан суу; *суw аккан эле тырың экен, чыгып кетти.*

ТЫРЫПТА *батк.* тогуз кат карындын түгүн кырып тазалоо; *тогуз катты тырыпта.*

ТЫРЫТ *атб.* ооздогу тиштин дүмүрү, сыныктан калганы; *тиштин тырыты бүттү, кокуй конок, колуң тарт, чыйрыкмам бар.*

ТЫРЫШКААК *түшт.* жарылбай кыйнай берген отун, жыгач; *тырышкаак отун экен жарылвады.*

ТЫРЫШТЫРМА *чүй.* тырыштырып кала турган жалпы эле оорунун аты; *бу тырыштырманы бороон жыккан боз үйдөй кыла аласыңбы?*

ТЫСЫРА *пам.* чытыроо; *куйган бижидей тысырайат.*

ТЫТ I *батк.* чөбөгө; *менин әкәм майдын тытын жакшы көрөт.*

ТЫТ II *жжол.* аңтаруу, теңтерүү; *сандыкты ач, тытып көрөлү.*

ТЫТАГАНЧ *алб.* тытаанак; *кайчы кайда дейм, ой тытаганч.*

ТЫТАЛАК *ыск.* тытып ийме, тытып алма өнөкөтү бар; *тыталак болсоң, макоо болсоң, кимди жыргатасың.*

ТЫТАЛАКЕЙ *ыск.* тытып ийме адат; *тыталакейин салса, бирди көрдүң го.*

ТЫТАЛАМА *жжол.* тырмышып араң чыга турган жер, зоо, таш; *тыталама таштуу кур менен жөнөдү.*

ТЫТКААК *тоң.* тытаанак; *ал уйгактан да жавышкак, мышыктан да тыткаак.*

ТЫТМАКЕЙ *ыск.* тыта берүүчүлүк; *тытмакейи бар эле, тыткылык жүнүң кана дээр бекен?* ("тытмакей" болуп да айтылат).

ТЫТМАЛАКЕЙ *ыск.* ирет – ирет менен тытмалап жибергендик; *тытмалакейге алып киришти.*

ТЫФОЙ *жерг.* түү; *тыфой деп түкүрсө, тыт талканга аз жетпеди* (жүгөрүнүн талканына тыттын маңызы, шекер кошулуп жасалган азык).

ТЫШ *зам.* тынч; тыш отур, *чөндөлөктүн башыны мандалактай үзөт бедең?*

ТЫШКАЛЫ *пам.* тышкары; *сары боом ичкери, сакалы тышкалы* (таб. сабиз, "пөстөк".

ТЫШКАРАК *жерг.* сыртына карата, сыртын көздөй; *көйнөктү манавы жериден тышкарак кылып тигип бериңчи.*

ТЫШКАРТТА *батк.* 1. тыш ченде; *тышкартта отурбагыла*; 2. тышта, сыртта; *тышкартта турат тыш артайыл.*

ТЫШКАРТАДАГЫ *батк.* тыш жактагы; *тышкартадагы гөңдү жийип кой.*

ТЫШКАРЫ *жерг.* өзөгүн жанчып ширеси менен тиш боей турган өсүмдүктүн аты; *чекемик жавышчаак келет, тышкары ондой эмес.*

ТЫШКЕРДЕ *лейл.* тыш жакта, тышта; *тышкерде туруп, сай бойуда тегирмен сагызган оттоп семирген деведиви?*

ТЫШКЫ *жерг., ал.* сырт жакта, алыс жакта, түндүк тарапта тургандар; *тышкы кыргыздансыңбы, үйлүм?*

ТЫШКЫЛЫК *жерг., ал.* түндүк тарап; *тышкылыктар чайан түймө кылып, жыландан – жылан, чайандан – чайан дешет гочу.*

ТЫШКЫҢКЫ *өзг.* тышкы, тышкаркы; *тышкыңгысы ичкери, ичкиңгиси тышкары.*

ТЫШКЫРГЫЧ *батк.* көө кыра турган буюм; *ол алайчылар тышкыргычты көрвөдүм дейт.*

ТЫШТА *чүй, пам.* таштоо; *көлгө тыштап живерет.*

ТЫШТАЛМА *жерг.* ичик; *тыштамла постунду кара менен тыштайт.*

– У –

У I *жерг.* 1. ойду күчөтүү, бекемдөө үчүн колдонулчу бөлүкчө; *ак көңүл адам у;* 2. мааниси жакын сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыруучу байламта; *ол хат алат у, онон биз кетевиз*; 3. мааниси карама – каршы сүйлөмдөрдү өз ара тутумдаштыруучу байламта; *мәгәзингә барарын барган у, не аларыны унутуп койгон.*

У II *жерг.* ызырынуу, кекенүү, жек көрүү сезимин туюндуруучу сырдык сөз; *у, мунун түсүнү кара, көмүр эле!*

УW I *пам.* уу; *уw кылыштын увагы бар, увактысыз чыксаң увара болорсуң* (мак.); ◊ **уwу бәйләнди** жолу болбой калды; **уwу жүрдү** ташы өйдө кулады; **түлкүгө уwта чыксаң, жолборс үчүн курал ал** *жерг.* мергенчилик кылсаң, камылгаң ошончо болсун.

УW II: уw–уw *жерг.* унулдап үн чыгаргандыкты туюндурган сырдык сөз; *аттанганда уw–уw дедилер*; **уw–хак** бир жакка качып булкунганда айтылчу сөз.

УW III *жерг.* күмөндүүлүктү, анча ишене бербөөнү туюйдурууда колдонулчу сөз; *мен барат эдем уw, әммә иш болуп баралвадым.*

УWЛА *жерг.* аңды; *олорду кайдан уwлады?*

УWРУ *жерг., пам.* ууру; *өзүң пышык бол да, коңшуңну уwру тутпа* (мак); *урuwдун көзү каваkта, соргоктун көзү тамакта* (мак.); *уwру өз сайасыдан өзү коркот* (мак.); *уйаты жок уwрулук кылып семирет* (мак.) *ууру ууруну караңгыда тааныйт* (мак.); *сук тойвос, уwру байывас* (мак.); *кәмбагал бол у, уwру болво* (мак.); **уwруну тап** бир нече бала өз ара "аппан жаппан, жаарып, тээшил, омокой, чомокой, эмер, эстек, темир, така, пиштек» деп ат коюп, ал аттарын кайталап айтып, кимиси "пиштек" болсо, анысы катардан чыгып ойногон оюндун аты; *уwруну тапта көп балдар ойношоттор.*

УWРУЧУЛУКЧА *ал.* уурдангансып; *ол бөөрү уwручулукча кыш күндөрү келип калат.*

УWУЗ *пам.* ууз; *уйду бука куwуптур, уwуз ичип кетиңиз дептир.*

УWУК I *жерг.* уу; *керегеңди кең жай, уwугуңду тең сай* (мак).

УWУК II *жерг.* удаа; *уwук болуп сuwук болуп бәәри келди.*

УWУЛ *ичк.* уул; *менин уwлум баатыр, чаап келе жатыр; отуз кызды олжолоп, алып келе жатыр; кандын кызы кайлыгы, бектин кызы белгиси; чөнтөгүдө тәңгәси, тәңгәсидән бервесе, таарынып кетет жәңгәси* (оюн ырдан); *жакшы уwул журт түзөр жаман уwул журт бузар* (мак); ◊ **окуган уwул атадан улук** *өзг.* илимдүүнүн жолу улуу; *Төлөвайда уwул жок, уwлу түтүл кайны жок уй байларга жиби жок.*

УWУЛТАЙ *батк.* жаш уул; *бүгүн уwултай келет экен, кичинә дәйәргәрлик кып койолук.*

УWУЛТАЙЛА *батк.* уулга кайрылуу; *уwултайлап эркелеп жүрө верет.*

УWУРТ *жерг.* уурт; *уwуртка чертмей богон* (мурунку учурда кандайдыр бир оюнда жеңилген адамды ууртуна жел толтуруп, анан чертип жазалоо көрүнүшү. Мындай көрүнүш азыр такыр жоюлган).

УWУЧ *жерг.* учу; *уwчу качан узарат?* (качан жетишет, качан колу узарат?)

УWХАН, уwхана *жерг.* 1. аң уулап отура турган жер, жай, орун; *уwханда мергендердин олуту болот*; 2. бир

нече мергенчи атайын таштан корумдап жасаган, ар кайсы жерде тешиги бар жасалма өңүт (мында өңүттө ар бир мергенчинин өзү же анын уруксаты менен жакындары гана барып отурган. Ал эми бөлөк – бөтөн киши ал олутка кирүүгө акысыз болгон); 3. *жерг.* таза суу коюп коё турган үй; *ywханага бир ywуртам суw, бир сындырым нан койуп койуптур.*

УВА I *лейл.* кара тумоо, келте; *илгери бир кызы увадан өлгөн.*

УВА II *баткч.* жылкынын буту шишип ооруган оорунун аты; *атым ува болуп, эки путу оwруду.*

УВА III *тоң.* ымала санап, боор тартып, мамиле жасагандык; *дайым ува карап, ал – жай сурайт.*

УВА IV *пам.* кейүү, кайгыруу сезимин туюндурган сырдык сөз; *ува – ува, чоңурактан ywучтап салсаң боло, чымчывай.*

УВАГАН *тал.* тамеки кургатуу үчүн туурасынан үч казык кагып, ага сым тартып, тартылган сымга ылайыкталган орун, жай; *тамекинин уваганы дайар, ас күндө иле баштайбыз* ("үвөгөн" болуп да айтылат).

УВАГАНЧЫ *тал.* тамеки тизип илгич; *уваганчылар элге уваа жегизбей эле өстөрү тамекини илишет, кулунум.*

УВАДАКӨЙ *ыск.* убадачыл; *мурунку көчтү кийинки көч ээрчитип болуп увадакөй экен.*

УВАДАР *баткч.* аттын бут оорусунун бир түрү; *ат увадар болуптур.*

УВАДӘ *суз.* жыртылган, эскирген, самсаалаган чүпүрөк – чапырак, кебез; *жууркандын увадәси чыгып кетиптир.*

УВАЖ *батк., пам.* акыйкат, орундуу айтылган; *уваж сөзгө төw чөгөт* (мак).

УВАЗАЙЫН *жжол.* чабак, жыгач; *у – у, ал увазайындарды эмне кыласыңар?*

УВАЙ I *жерг.* эзилген курутту ысытып же жууратка каймак кошуп ичкен тамактын аты; *увайды түтәккәштәр көп ичпейт* (кийикчилер мергенчиликке чыгарда увай алышат, анткени бул тамак адамдын денесин ысык алып жүрөт деп эсептелинет жана өзү тоңбойт).

УВАЙ II *жерг.* маң; *увай кылдың башымды.*

УВАЙ III *зам.* бойго жеткендик; *увайга жетип, как ийнени кантип түрткөндү билвесин.*

УВАЙЛАН *чүй.* кыялдануу; *увайланып ойлонуп өзүнчө чечти.*

УВАЙМА *батк.* апыртма; *увайма кылва*; тажатма; *мәшинәни увазылдатып әйдәйт деп, гәп ура берген увайма дә*; ◊ **жүрөгү увайма болду** сарсанаага түштү.

УВАЙМАЛУW *батк.* тажатмачыл; *ә, жүдә уваймалуw окшойсуң.*

УВАЙМАКӘШ *батк.* апыртмачыл; *көрктүwдү көрүп ал, нарктуwду сурап ал дейви о уваймакәш.*

УВАЙРАМДА *кочк.* ойрондоо; *өрттөп увайрамдап кетишкен эле дейт.*

УВАЙРАН *батк.* кароосуз калтыргандык; чачылып калгандык; *увайран десең бир башка, ойрон десең бир башка.*

УВАЙЫМ *жжол.* зөөкүр; *чокчоңдогон увайымдар аз эмес.*

УВАК I *пам.* чондугу кекиликтей келип, сөөгү майда, анан аппак эттүү болуп, көбүнчө кумдуу талаада де тоодо жашап, "вак – вай» деген сымал үн чыгарган канаттуунун аты; *уваkты мергендер көп атпайт.*

УВАК II *ал.* 1. бувак; *кар көвөйтөр увак, ун түгөтөр буламык*; 2. *пам.* шүүдүрүм; *ол жолоwчу бүт эле увак.*

УВАК III *жжол.* шылтоо; *ол көрүндү тегиче увагыны дайардай баштайт.*

УВАК IV *жжол., жерг.* күкүм; *нан да нан, увагы да нан* (мак).

УВАК V *лейл.* алеки; *увак саатта жолворс келип калат имиш.*

УВАКИЛ *акт., алб.* өкүл; *айалдар увакили болуп иштеген.*

УВАКТАН *тоң.* элестөө; *караан-параандар кош увактанып көрүнөт.*

УВАКТЫ *жерг.* 1. эрте; *увакты өткөн беле?*; 2. маалында; *увакты чаап майданын кең кыласың пахтаны.*

УВАКУМ *батк.* талаа, ээн жайдагы көрүстөн; *үшүр аган бирөө увакумдун жаныдан өтүп баратыптыр.*

УВАКУМЧУ *батк.* ээн жердеги көрүстөнгө жакын жашап, ага көз салган, кайтарган адам; *увакумчудан көп вакыйалар өткөн.*

УВАКЫМ *зам.* баласы жок адамдын көзү өткөндөн кийин дүрдүнүйөсүнүн башка бирөөгө калышы; *онун малы увакым болду.*

УВАЛ *жерг., лейл.* 1. темин басуу үчүн жоон жумуру же эни 50 – 60см. келген калың жыгачтан (узундугу эки – үч метрче) жасалган эгин жанчкыч; *увалды увакым деп ап кетип жүрвөсүн?*; 2. *жжол.* моло таш; *бу таш увалды ушөнчүктөй сактайт белең*; 3. *батк.* мурда буудай басканда колдонулган шактуу мала; *увал әйдәп жүрүп жыгылып тәгидә йәм каган.*

УВАЛА I *жерг.* өкчөө, калчоо, чайкоо; *ашыкты увала, ол бәәридә үрүп.*

УВАЛА II *жерг.* 1. үбөлөө; *мәкәни увалап салдым*; 2. *пам.* тамакка бир нерсе катыктоо; *ундү мәйдәләп жуwрат, сuwга салып пышырат, ого әйрән, катык кошот, шону увалады дейвиз.*

УВАЛЕК *тал.* сорттолгон тамекилерди коё турган таңгак жыгач; *тамекилерди увалекке үртүктөп жавасыңбы?*

УВАЛТЫР *батк.* кунаажын; *жәниңдән әкәң үргүлсүн ow, тосом увалтырың, тосом.*

УВАЛЫК *чүй.* чийдин жогор жак кыры; *узун-узун увалык, уу, башына ким чыгат, кызыл ала көпөлөк жумурткасын ким тават?* (таб. чийдин жогор жак башына чыга албайт, көпөлөктүн жумурткасы табылбайт).

УВАНЧ *жжол.* запас каражат; *беш миң сомчо уванч чогулт.*

УВАР *ал.* ичке узун; *узун уварı, учундагы желеги* (таб. укурук).

УВАРДАШ *суз.* курбалдаш; *кеч курун увардаш эки киши келди.*

УВАСА *батк., суз., өзг.* үйдүн төбөсүндөгү "торсундардын" аралыгына туурасынан коюлган майда, чолок, бир жагы жумуру, билектей жыгачтар; *ол уваса салат, биз да уваса салавыз* (анын бири – бирине тийиштирилип тыкыс, жанаша коюлганы "уваса жуп", кай бирде "увасажүк" болуп да айтылат. Жекече айтылганда "уваста, уваска, вәсә, васа" болуп да айтыла берет).

УВАСКА I *зам.* биротоло, түбөлүккө берилген нерсе; *уваска богон экен, ону увастанын арасыга каткан экен.*

УВАСКА II *лейл.* кызыкчылык; *ону азыр уваска кывайт.*

УВАТ *суз., батк., лейл., зам.* 1. пахта, шалы, бакча айдалган аянттардагы "әгәт" башынан туура тартылган арык, анын жээги, кашаты; *шалынын уватыны сuw ап кетиптир*; 2. айдоо арасындагы тилке, жал же кысыр, дың жер; *беденин уватыдан пычан чаптым.*

УВАХЫЛЫ *лейл.* мурда, эрте, көп кечикпей; *увахылы эле келдик го.*

УВАЧ *ноок., эск.* илгерки

буурсундун бир түрү; *пүтүн буйум кетилеви, кетик увач пүтөлөвү?*

УВАЖ *пам.* көздөштүргөндүк, беттештиргендик; *экөwүн уваж кылвасак, гэптин башы ачылвайт.*

УВӘЖИ *батк.* сөздү орундуу сүйлөгөндүк; *Улугбек ава увәжи менен сүйлөп бизди курсан кылды.*

УВӘКИЛ *батк.* актоочу; *гэп сүйлөштүн өдөсүдөн чыкпаса, чечен адамды увәкил кылат.*

УВӘСИЙӘТ *батк.* насыят; *канча увәсийәт кысам әм кулагыга кирведи.*

УВНА *жерг.* тээтиги; *увна кишилер келе жатат.*

УВМАЧ *ош.* унду майда – майда тоголок – тоголок кылып жууруп, анан кууруп жасаган тамак; *увмач кууруп кой.*

УВШИТ *ыск.* итти айдактаганда айтылчу сырдык сөз; *эй, кумайык, тос–тос, увшит.*

УГААГАН *пам.* угаанак; *угааган болсом кулагымдан чык* (коён томук жегенде айтыла турган сөз).

УГААК *ал.* угаанак; *өзүнүн угаактыгыга кыжыры келип, кулагыны кармалады.*

УГАГАНЧ *алб.* угаанак; *уңулдак болвой угаганч бол.*

УГАГАЧ *жерг.* угаанак; *Нәдирә жүдә угагач кыз* ("угагыч" болуп да айтылат).

УГАН *ноок.* ага, ошого; *уган бар отуз жылча болду.*

УГАҢАЧ *батк.* уккучул; *угаңач кишинин кулагы узун боло веде?*

УГАРМАНДЫК *батк.* кепти бат угуп – билип алуучулук; *сенин угармандыгың мени күйгүздү.*

УГАСАЛУW *ал.* угарман; *угасалуw болсо эле ушакчы деп ойловогула.*

УГУЗ *пам.* ууз; *туwганда угузуну ашка куйуп ичеттер.*

УГУЛ: угул–сугул *жетг.* аптыгып ичүү, сугунуу; *угулуп–сугулуп жалай берди.*

УГУЛЧА *зам.* кичинекей уул бала; *о, угулча, аптадым–үптөдүм, ала өгүзгө жүктөдүм, ол не?* (таб. согулган чий).

УГУМСАК *жерг.* угууга ниеттенгендик; *шо хаварды угумсак болуп бардык.*

УГУР *алб.* сокунун сомдолбой эле ичи оюлуп жасалган түрү; *мага бир угур жасап бергин.*

УГУРУ: УГУРУ–УГУРУ *алб.* улам – улам; *угуру–угуру дәлизгә чыга берве.*

УГУТ *зам.* 1. минералдык жер семирткич; 2. *батк.* кымыз ачыткы; *кымыздан угут калтырган жоксуңбу, кызым?;* 3. урук, үрөн; *түрлүw угут чәчилди*; **кош угут** *чүй.* ар кайсы көрөңгөлүү бозодон ичип, кыйналгандык; *илгери кош жем, кош угут болдум деген кишилер көп болор эле.*

УДУЛДАН *нар.* бет маңдайдан чыга калуу, кезиге түшүү; тушма – туш болуу; *чекесине удулдана зыркырап келаткан таштан буйтады.*

УДУРГУ *пам.* маңдайкы; *удургу towдон ышкырган уларың барбы, кыз зирек?*

УДУРМА *өзг.* кездеменин бир түрү; *удурма кийген жеңелер булкпагын менин колумду.*

УЖӘТ *батк.* жердин энчиленип, бекитилип берилгендиги жөнүндөгү карта; *ужәти болвосо, жер талаша алвайт.*

УЖУРА *кочк.* дубалдары согулуп жасалган кичине жепирейген там үй; *койондой окшош үтүрөйгөн ужуралар экен.*

УЖУТ *пам.* түпкү тек; *ужутуң калай, атала чечен dowдо жок бово?*

◊ **тойгон токтунун ужуту дә** ысык аштын деми да деген мааниде айтылчу туюнтма.

УЗ *лейл.* узун; *узун–узун уз терек, көлөкөсү жок терек* (таб. жол).

УЗААК *ал.* узак; *жалгыз айак жолдо узаак жүрдүк.*

УЗААККЫ *баткч.* алыскы; *узааккы алыска кеткендей.*

УЗАР *баткч.* чоң тойдун экинчи күнү; *узарын жеп алып, эртеге жарматтыкыга әдийәгә.*

УЗАТ *батк.* тойго кошумча кылуу; *тойго барганда беш–алты сомдон пул узаттык.*

УЗАШ *пам.* ат чабыш; *үкә, узашывыз кыйлага узаакташып калды*; **кәлтә узаш** 2 – 3км аралыкта ат чабуу; *кәлтә узашта аттар узакпай эле келет;* **узаак узаш** 10 – 15км аралыкка ат чабуу; *узаак узаштан гәп ургандын ужуту ким экен?*

УЗУЛДУУ *атб.* жөндөмдүү; *колу узулдуу береги шаңкылдаган Батманы кара.*

УЗУН *лейл.* 1. узак убак, көп мезгил; *узун болду кеткели;* 2. алыс, ыраак; *аттарды узун айдап барып туратгар.*

УЗУНГУ *пам.* алыскы; *узунгу жолго чыкты дейт.*

УЗУНЛАМА *жерг.* узун; *узун узунлама, учу менин колумда* (таб. жол).

УЗУНЧА *жерг.* узунураак; *узунча келип, түсү кызыл болот.*

УЗУНЧАК *батк.* узун сымал, сүйрүрөөк; *көк мүлкөктүн чанагы узунчак болот.*

УЗУР *зам.* 1. кечирим; *мен мәйлиске кечигип келгеним үчүн азалардан узур сурайм;* 2. *батк.* зарылчылык, өтүнүч; *узуруң болсо айт.*

УЙ I *батк.* токтобой өпкөлөп ыйлоо; *жакыны өлгөн уй тартат, кайгылуwy муң тартат.*

УЙ II *батк., өзг.* 1. ай, ой, (сырдык сөз); *уй, бала, кел мында;* 2. чочуп кетүү; *уй, нимне кылдың?* **әй–уу** ээй; *әй–уу, качтыңбы;* **уй бууй** *лейл.* ой–боой; *мынча чоң челекти көтөрүп алгансың.*

УЙАК *батк.* уюк; *сары әринин уйагына тайсең, бәләәгә каласың.*

УЙАЛЫК *ыск.* тоок туу үчүн анын уясына салып койгон жалгыз жумуртка; *сөөгү таза сөктүрвөйт, адам заты айттырвайт дейт, уйалыкты салып кой.*

УЙАЛЧАҢ *баткч.* уялчаак; *уйалчаң болсоң, ozзуңдагы овкатыңды алдырасың.*

УЙАМАТ *тал.* чама, чак; *ага уйаматы келвей атыры.*

УЙАҢДА *түнд.* уяң жүндү бөлүү; *жүндү уйандап, кылчыктап койгула.*

УЙАПА *чатк.* түбү пияз сымал болуп, бир аз сүйрү өсүп, өзөгү 50смге чейин жеткен өңү көк өсүмдүктүн аты; *уйапа жайлowдо көп өсөт.*

УЙГАКЧЫ *жжол.* топ болуп учкан, чий – чий этип үн чыгарган канаттуунун аты; *тээ жакта көп уйгакчы көрүнөт.*

УЙГАЛАК *пам.* чубалма; *узун–узун уйгалак учу менин колумда, сагызгандан сайгалак савы менин колумда* (таб. түйдөк, ийне).

УЙГАР *батк.* бир ишти жөнгө салып бүткөрүү, аткаруу; *бизди уйгаргыча эжемдин эси кетти.*

УЙГАШТЫР *батк.* сөзгө, ойго уютуу; *өзүнүн гәвигә уйгаштырып тәштәди.*

УЙГЫМЫЗ *атб.* өсүмдүктүн бир түрү; *оо, кедери баскырдын баласы, уйгымызды көрсөтүп берсең боло.*

УЙЖАПА *алб.* узун көк чылбыр таштап, каксоо адырларга чыгып, терең тамыр алып, байлаган тогологу күзүндө жарылып кете турган өсүмдүктүн аты; *уйалчаңбы шу жигит, кой уйалва, уйжапаны агайыңа көрсөт.*

УЙКАР *ош.* уйкана; *уйкарда жүрүп кирпигине кир жукпаптыр.*

УЙКУЙРУК *жерг.* 1. өңү көк келип, бийиктиги беш метрге чейин өсө турган өсүмдүктүн аты; *уйкуйруктун ичиден уй балдыркан* (сасык балдыркан) *көрүнөвү?;* 2. *атб.* арпанын даны ичке келген бир түрү; *кызды уйасына кондуруп* (турмушка чыгарып) *анан уйкуйрук арпасын оргон экен.*

УЙКУ I *ыск.* кой – эчкинин боор эти менен жүрөгүнүн ортосундагы майда быжырлуу без сымал эти; *боор этинен уйкусун чыгарып сал.*

УЙКУ II *батк.* жибек куртунун кезек кезеги менен жалбырак жебей тынч жатып калышы (жибек куртунун бул өңдүү «уйкусу» төрт учурга бөлүнөт; 1. **чимейил уйку** адеп алты күн жалбырак жеп, анан үч күн биринчи жолу укташы; 2. **маш уйку** (кээ бир жерде «каз уйку» деп аталат) «чимейил уйкудан» кийин дагы алты күн жалбырак жеп, анан экинчи жолу үч күн укташы; 3. **кичик дээ** «маш уйкудан кийин» жети күн жалбырак жеп, анан үчүнчү жолу үч күн укташы; 4. **кэттэ дээ** «кичик дээ» уйкудан кийин тогуз – он күн жалбырак жеп, сегиз күн чөп – чар менен жабылып караңгы үйдө жатышы. Ушул уйкудан кийин «пилла» оролот); **кумурска уйку** *чүй.* жибек куртунун кичине кезиндеги алгачкы уйкусу; *чимелидей кумурска уйку дейт*; **пилла уйку** жибек куртунун төртүнчү жолку уйкусу; *пилла орордун алдында эки – үч күн сулк жатат, аны «пилла уйку» дейт;* **сүт уйку** жибек куртунун үчүнчү жолку уйкусу; *үчүнчү сүт уйкуда куру сүттөй аппак түскө айланат.*

УЙКУЧУ *батк.* мифтик түшүнүк боюнча бешиктеги баланын уйкусун келтире турган эне; *уйкучу Мамасы колтугуну ачсын!* (баланы бешикке бөлөгөндө айтылат).

УЙМАЙ *атб.* эгиндин дүмбүлдөн өтүп сарала тартып калган учуру; *эгин уймай болуп бышып калыптыр*; Ат – Башы тарапта эгиндин даны бышканга чейинкиси «сүрөт, сүт, камыр, дүмбүл, ормо дүмбүл, уймай» деп бөлүштүрүлөт.

УЙМАЛАКТАШ *жерг.* топтолуп чырмалып чогулуу; *сары чеке уймалакташып өсөт.*

УЙӨРҮМ *чүй.* камчынын өрүмү жоонурак, ирирээк келген түрү; *уйөрүм табылга саптуу.*

УЙРУ *чатк.* ууру; *уйру – кылмыштын улуwу.*

УЙРУЛУК *алб.* уурулук; *уйрулук кылган киши оңбойт.*

УЙТАНА *тторо.* уй тили сымал гана 6 – 7ден жалбырак алып, гүл – өзөк байлабаган өсүмдүктүн аты; *уйтананы уй айда жейт да, кой да жейт.*

УЙТЕКЕЙ *сок.* жаз алды менен салаа – салаа болуп чачырап чыгып, жалгыз өзөк алып, кийин гүлдөөчү өсүмдүктүн аты; *тобо уйтекейди Токмок жакта уй шилекей десе, Сүлүктү жакта улкөн дешет экен.*

УЙТИЛ *жерг.* 1. жалбырагы сүйрү узунча келген, майда тегерек тоголок бүдүр алган өсүмдүктүн аты; *уругуну билвеген уй тантык* (наадан), *уйтили турвайвы, о жерде*; 2. *атб.* шырдакка сүйрүчө салынган оюунун аты; *уймүйүз, уйтил – башка – башка оюу.*

УЙТКУ *жерг.* чайканды, түйшүк; *жаздын уйткусу – кышка кам* (мак.).

УЙТУУДУ *атб.* 1. бештен чуңкур жасап, ар чуңкурга бештен коргол салып; анан ар ким өз уясынан бирден коргол алып, кимиси артында алса, ал өзүнүн беш корголун колуна кармап, анан ар кимге бир – бирден кыдырата салып, улана берген оюндун аты (бул оюнда кимдин корголу төртөө болуп калса, «уй тууду» деп атайт); 2. *ыск.* тегерете ар ким кичине чуңкур казып, ортого бир

чонурааk чуңkур оюп, топ салып, аны ар кимиси чыгара чаап, бирөө айдап, анын уясын айдагыч таягы менек баса койсо, тигиниси айдагыч болуп ойногон оюн; 3. *ош, суз.* тогуз коргоол ойну (бул оюнда кээ бир жерде «сыйырым тууду» болуп аталат).

УЙУК *ал.* уюп калган нерсе; *ywуз сары уйук болуптур.*

УЙУЛ I *жерг.* соорусу кең; аркасы жайык, көкүрөктүү чоң мал; *эми шол ки, әлимчәәк богондон кийин уйул жылkыга имет экен да.*

УЙУЛ II *атб.* карылуу, салмактуу; оор капкандын бир түрү; *уйулуңду көтөрүп уландын уйугунан келатасыңбы?*

УЙУЛДА *батк.* өпкөлөп шолоктоо; *бечәрәнин уйулдап ийләгәнини көрсөң, иччиң ачышат.*

УЙУЛУШТУР *ноок.* сөзгө эритүү; *уйулуштуруп сүйлөгөн киши жокпу?*

УЙУМА *жерг.* топурагы ийленбей урулуп жасалган сокмо там; *уйуманы сокпой тыт кагып жүрөву* (зеригип отурабы)?

УЙУТ *чүй.* адамга ишендирерлик кылып айтылгандык; *уйут кылып сөз айт.*

УЙУТКУ I *батк.* жыландын уюгу, ордосу; *жардын коңулудан жылandын уйуткусуну көрүшөттөр.*

УЙУТКУ II *тал.* уялык; *уйутку кой, антпесең towогуң туруп кетет.*

УЙУШ *алб.* уюп чокмороктошуп калуу; *ол жүн уюшуп калып жүрвөсүн.*

УЙУШМА *ыск.* майрам күндөрүндө же тим эле учурда топ адамдар өз ара келишип бир үйгө ысык тамак уюштуруп, шаан – шөкөт куруп отургандык; *уйушмадагылардын көпчүлүгү мени таанывайт экен.*

УК *ыск.* нук; *чыйыр угу эски аркандай чувалат.*

УКАЛА *түшт.* ушалоо; *далымы укалады*; 2. ийиктирүү; *желинди саар алдында укалайт*; 3. эгинди комбайн менен басып алуу; *буудайды камбайын менен укалап алышат ко.*

УКӘМӘ *батк.* иш билги, иш чечкич; *укәмәләргә миндир деп сүйлөдү.*

УКЛА *батк.* уктоо; *уклап кетти, бовосо асмандагы кушту бала деген эңкейтет деп әйтәт эдем.*

УКТУУ *ыск.* нускалуу; *уктуу сөздө жук бар.*

УКУКТАШ *жжол.* теңтайлашуу; *үзөңгүге тура калып кыйкырып укукташкан.*

УКУРУК *тал.* куш, бүркүттүн экинчи жоон салаасы; *бүркүттүн бутундагы ортонун укурук дейвиз.*

УЛА *зам.* 1. бөлүү; *акырга салып улап–улап кой*; 2. саюу; *towрулуп ywук улаган.*

УЛААН *чүй.* чыгаан; *улаан күлүк чалыштай.*

УЛАГ *жерг.* улоо; *бүрөwдүн атыны улаг аты кылва.*

УЛАГА *кем.* шыбага, үлүш, бөлүк; *ак желкеси тырдай тоносо да, андан улага үмүтөтүптүр.*

УЛАГАН *жжол.* мөмөсү дандуу, чоң өрүктүн түрү; *укумчу неме, улаган деген сонун өрүгү да бар.*

УЛАК *лейл.* ээрчүү; *улагып кетпесе эле болду.*

УЛАКЕН *суз.* көөлгүтүп жасалган, чоң, далдагай; *улакен тонум бар эле, пүркүттүн палапанын ороп ала койдум.*

УЛАКТЫР *зам.* кубалоо; *чөлгө улактырып әйдәп жүгөрөт.*

УЛАКЧЫН *лейл.* көк бөрүчү; *улакчын аты көк кашка.*

УЛАМ *зам.* улан; *ywлуңуз улам болду.*

УЛАМА *пам.* 1. бийик – бийик, чиркеше кеткендик; *Мургаптын towу улама, ашуwу бийик курама;* 2. *ноок.* тоонун ичинде ийри – муйру,

өңгүл – дөңгүл, бирде түзүк бирде татаал болуп кеткен жолу; *Кичи-Алай жолу улама, бетиден ташы гулама.*

УЛАМАЙ *батк.* төрөр учуру жакындап калганда боюнда бар аялдын кемпирлерге жасап берген тамагы; *уламай жасап кәмпирлерди кычырат* (кээде ал «уламай ыстык» деп да айтылат жана улгайгандардын арасында аз – аз жолукпаса, жаштарга мүнөздүү эмес).

УЛАН I *ыск.* Ысык – Көлдүн Балыкчы тарабынан башталып чыгышты көздөй күчтүү жана албууттанып соккон шамал менен ошол шамалдан пайда болуп түрмөктөлүп урган толкун; *о, көлдө жүргөндөр үчүн улан өтө коркунучтуу.*

УЛАН II *лейл., сейр.* кызыл жалын; *узун улан, улан жалвырак, чейрек топурак* (таб. от, жалын, күл).

УЛАРПИЙӘЗ *батк.* көбүнчө тоонун күңгөйүнө, кумдуу шагыл бетке чыгып, түбү сүйрү келип, жерден араң эле кылтыйып өскөн өсүмдүктүн аты; *уларпийәзди пәрәндә путу менен чапчып көwләп жейт.*

УЛАШТЫР *зам.* бөлүштүрүү; *кызмат акыңарды кече улаштырып жаткан.*

УЛОWУЧ *батк.* улоо, унаа; *улоwуч деп атты, эшекти айтавыз.*

УЛООШ *тяньш.* удаа – улай; *алды бараткан атка куйрук улоош кетти эле.*

УЛПАТ *алб.* жок болуу; тыптыйпыл болуу; *урушуң улпат болсун.*

УЛТАҢ *алб.* өгүздүн моюн терисинен жасалган таман тери; *өтүгүнүн таманы ултаңдан экен;* ◊ *бети ултаңдай катык экен тоотпогон как бет;* **ултаны бош** *пам.* муун – жүүнү бош адам; *ултаңы бош адам сuwукта тез эле шөмтүрөйт.*

УЛТАР *жжол.* бут кийимдин тигиши; *оң буттагысынын ултары сөгүлдү.*

УЛТАРМА *батк.* илгерки чарык – чокойдун бир түрү; *ултарманы энди кийвей калды.*

УЛТУВАР *тал.* жумур; *ултуварын салгыла, келиндер жесин.*

УЛУW I *жерг.* 1. бийик; *улуw тоwдон келдик;* 2. терен; *жогорку сuwду улуw суw дейт;* 3. калың; *улуw кар түштү.*

УЛУW II *батк.* 1. көп – мол; *эгиндин түшүмү улуwву?*; 2. алоо; *от улуw күйүп жатыптыпы?*

УЛУWЛАН *батк.* алоолонуу; *улуwланып күйгөн отко барва.*

УЛУБАЛТЫР *алб., жерг.* ноопаз; *бир улубалтыр тава кегиле.*

УЛУВУ *жерг.* лобуя, лубуя (өсүмдүк); *улуву кошкон тамак.*

УЛУК I *чатк.* 1. саздуу жерге өсүп, сүйрү баш чыгарып, анысы бышканда өзүнөн өзү чачырап кете турган өсүмдүктүн аты; *улук сuwдун ичине чыгат;* 2. *батк.* чыйпылдак (өсүмдүктүн аты); *улукту мал жакшы жейт.*

УЛУК II *түнд.* 1. чүкө атарда биринчи адам; *ким улук болсо, адегенде ошол атат;* 2. улуу; *улук адамга кичик адам салам айтат*; 3. *ал.* жогору, бийик; *мейман атадан улук.*

УЛУКЕН *өзг.* таштуу жерге экиден сабак алып, түбү аппак келип, жаш кезинде аны тазалап жешке жарай турган өсүмдүктүн аты; *улукен жедим деген – улук сөз эмес, уйалбай эле кой* («улукен чырыч» деп да айтылат).

УЛУКСАН *чатк.* токтоо, сабырдуу; *арадан алты жыл өттү, шондо йәм козголводу, улуксан экен.*

УЛУУ чүй. мурунку; *ал үй бул үйдөн улуу болчу.*

УЛФӘТ *жерг.* сырдаш; *улфәтиң ала карга болсо, жегениң харам* (мак).

УМАН *лейл.* ыйман; *умандай бизге жакын жок.*

УМАР *лейл.* шамдагай; *умарсың го, улоw тап, тойго баравыз.*

УМАРАЙ *жумг.* жалпы; *умарай журттан уйалвай кантет?*

УМАЧ *батк., жерг., лейл., ар., өзг., тторо.* 1. камырдан майда – майда тоголок кылып жуурулуп бышырылган тамак; *умач жасап берсин*; 2. *өзг.* көөлөнгөн талкан; 3. *батк.* май, пияз, калемпир сүйкөлүп, анан катталып жасалган жупка; **умач атала** унду нымдап, тоголоктоп бышырып, катыктап жасаган тамак; *умач аталаны көп жасайт*; **умач ат** *өзг., батк., ар., жерг.* кайнак суюга ун чалынып бышырылып, анан сүт же айран катыкталган тамак; *чоң чыныга умач аштан куйуп келди*; **кызыл умач** казанга кыпкызыл кылып куурулуп, андан суу куюлуп бышырыл – ган умач; *кызыл умач кай бирде кызыл атала деп аталат.* ◊ **умачтай чачырады** *пам.* көзүн жайнатты.

УМУМИ *зам.* жалпы; умуми тилде айтылат («умум, умуман» болуп да айтылат).

УНА I *атб.* каниет; *ушуга ле уна кыл деди Асан.*

УНА II *пам., суз., зам.* тил алуу, макул болуу, көнүү; *ол маңа унады.*

УНАЙЫМ *ыск.* муңайым; *булбулдун үнү унайым.*

УНАК *пам.* жакын; *Накылай сулуwдун унак жеңеси шол.*

УНАЛМА *жерг.* алманын бир түрү; *уналма мәйин келет.*

УНАР I *пам.* бозгуч, кара көк өң алып чыгуучу өсүмдүктүн аты; *узун унар, кәттә кәмәр, чымын чыгар* (таб. керней, түтүн, учкун).

УНАР II *зам.* кылкылдоо; *учтуw серек унарат.*

УНАРВУ *ал.* чабал; *ун чачуwга* (куда – сөөк болуучу адамдардын жакшылыктын, ак пейилдин жышааны катары ийиндерине ун себүү жөрөлгөсү, азыр бул жөрөлгө эскирген) *жаравайвы ол унарву*?

УНГАНТ *жжол.* колго жасалган жумшак конфет, *унгант, әзел ала келгиле.*

УНДАКА *суз.* андай, ошондой; *отун ашар ундака өткөрүлвөйт.*

УНТОЛТО *пам.* ун кошкон чөбөгө; *унтолто берип күзгүлөп бак* (бапесте).

УНУТКАК *суз.* унутчаак; *карыганда адам унуткак болуп калат экен.*

УНУТМА *жерг.* эскерме; *унутма жазган – Агбаралы.*

УНЧУКПАС *чүй.* кек мылтыгы; *ал байкуш, улгайып кетиптир, унчукпасты тава албады.*

УҢГУДУҢГУ *чүй.* дулдугуй; *уңгудуңгу болуп жүрө бересиңби?*

УҢГУЧУ *атб.* ар кайсы койду же эчки менен уйду ээмп үйрөнүп алган козу; *кедик кара козу уңгучу болуп кетти.*

УҢКУЙ: сары уңкуй өңү жана көзү сары, балтыры жоон келген бүркүттүн бир түрү; *сары уңкуй кыраан келет, сейрек кездешет.*

УОК *тал.* сырдык сөз (чочуганда айтылат); *уок, куварыңа у.*

УПАА *акт.* үзүр; *малды саап ичип, упаа көрүңүз дедиг.*

УПАДАЛУW *пам.* уяттуу; *упадалуw кыз эде.*

УПАМАЙ *зам.* көзгө куюла турган дары; *тизилип көздөн жаш чыкса, упамай койгун көзүңө.*

УПАР *пам.* бишкек; *узун – узун упарым, уй жегендей жыпарым, кара суйук каркыным, кар жегендей жаркыным* (таб. суу).

УПАТАШ *жерг.* таштын бор сымал ак, жумшак түрү; *упаташты пышырып, калайдын кырындысыны кошуп упа жасашкан.*

УПУЛДАК *түшт.* солкулдак;

узун–узун упулдак, учу менин колумда, сагызганы шакылдак, шагы менин колумда (таб. комуз).

УПУРАМ *чүй.* упураган нерсенин эң кичине кыпыны, бөлүкчөсү; *упурам чаң жукса, тоголонуп кетчүдөй.*

УПЧУН *түнд.* бүркүттүн тырмактарын кептеген тери кеп; *бүркүтчү колбоор, туур, томого, упчун жасаваса болбойт.*

УР I *өзг.* уюл; *мумуйа агып отуруп ур болуп калыптыр.*

УР II *тторо.* 1. койдун оорусунун бир түрү; *ур койдун ар кайсы жерине чыгат* (илгери бул ооруга суурдун же аюунун майын сүртүп дарылашкан. Өзүн тешип туруп, суусун агызып ташташкан).

УР III *батк.* 1. эгинге дары чачуу; *бywдайга дәри урвай өсвөй калды*; 2. *жерг.* жеп тоюу; *мошту уруп койдум, ач бовойм*; 3. ойсоктоо; *бел урганда деңселип, топ жуванга кошулуп, тойлорго кетсем кантесиң?*; 4. *ноок.* жууруу; *камыр урдум эде, бара алвайм*; 5. *жерг., өтм.* аябай катуу иштөө; *алты жылы уруп иштедик*; 6. *зам.* тийүү; *көwнүвүзгө урду*; 7. күм – жам кылуу, талкалап салуу; *илгери вакта казынаны уруп кеткендер*; 8. камоо; *сынданга уруп салган экендер*; **урду–кетти** *жерг.* тийди – качты; *урду–кетти болуп жүрөт*; **алып урмайым бар** *кочк.* чүкө ойнунда чүкөнү атардан мурда «коштоп урам» деген мааниде айтылуучу эскертме сөз; **ура–ур** *жерг.* карп – курп кирип баруу: басып кирүү; *ура–ур кылып кирип баргандар.*

УРААК *ал.* уранаак; *жөн жүрсөң бовойву ураак атыкпай.*

УРААҢАЧ *батк.* ура берме; *ураaңач бово, жиндейге йәм ура версең ийләәк болот.*

УРААТ: ураат–жураат *ыск.* урук – тууган; *ураат–жураaты менен келиптир.*

УРАВА *жерг., миф.* хүр кызы; *урдун кызы урава.*

УРАГАНЧ *алб.* ураанак; *жору куйрук жогон кол бүркүтүн ураганч неме чаап ирген дейт.*

УРАГАН *ал.* уранаак; *жаш балдарды урса, ураган дейт дә.*

УРАЙЧА *пам., миф.* 1. мышыктын пири; *узун сарыда* (жаз мезгилинде) *бир урайча уктап жаткан имиш*; 2. *түп.* мышыктын ургаачысы; *урайчасы үчтү туудуу.*

УРАҢ *чатк.* унар; *узун ураң, келте куван* (таб. түтүн, жалын).

УРВАГАЙ: арвагай–урвагай *батк.* арбайган – тарбайган; *арвагай–урвагай, айыл үйгө кирвегей* (таб. эки дөңгөлөктүү чоң араба).

УРВАТ *батк.* урмат; *бул адамга онун урваты күч.*

УРГААК *ал.* ураанак; *өзүңөн кичикти уруп ургаак боово.*

УРГАЛ *тал.* сабагы чың келген өсүмдүктүн аты; *ургал чөп менен бака жалвыракты көрсөтүп койойун.*

УРГАНЕК *жерг.* анча гүл ала бербеген, кычкыл даамы бар өсүмдүктүн аты; *урганектен көп ала келиң.*

УРГАНСАЙ *ыск.* купшундап, арамдык, жалкоолук кылган адам; *кызык, андай күнөөсүн билбеген ургансайга ким кыжырданбайт.*

УРГУН I *чүй.* 1. аарынын уюктарындагы бөлүкчөлөр; 2. кол менен далынын кошулган жери; *далынын ургуну кыймылга келип турат.*

УРГУН II *ыск.* жалаң; *ургун эркектер отурат.*

УРДААҢАЧ *батк.* уурданаак; *урдааңач киши колго түшпөй койвойт.*

УРДУК *түп.* урунуп – беринип

таарынгандык, өпкөлөгөндүк; *үй-үптү эмне кылмак элем, урдугум жок.*

УРДУМША *батк.* алдамчы; *жүрөк сырга тавам деген урдумша го.*

УРМА I *кочк., атб.* карагай сүйрөтүүдө колдонула турган чагарагы бар учтуу темир; *урманы алып кел, чагарагына жип өткөр*; 2. *чүй.* дубал согууда колдонула турган курал; *ургаал иштеп, ургаал жүргөн эмне тиги урмасын кошо дайардап алган тура.*

УРМА II *тал.* беттен алып сүйлөгөндүк; *жөн эле урма болгондуктун кереги эмне?*

УРМАЙ *лейл., батк.* топ чүкө тигип, бирөө төргө чыгып, аны атып, тийгизсе, утуп ойноло турган оюн; *урмайды топ ашык түгөнгүчө ойнойт*; **урмай урдуw** бычакты жерге учунан сайылтуу үчүн алыстан ыргытып ойноо.

УРМУЙ *акт.* урчуюу; *туйактын сөөгү кээде урмуйуп да кетет.*

УРОW I *жерг.* бою бийик өсүп, тамырын дарылыкка колдонуп, башын, түбүн бышырып жей турган өсүмдүктүн аты; *урow от ичиде пышат, сагактарыны бәйләнип жылма өсөт* («рow» болуп да айтылат).

УРОW II *батк.* 1. элпек; *жүдә урow бала экен*; 2. *зам.* жөндөмдүү; *ол төвөсү ойук эмес* (кемакыл эмес) *кадамды кәттә тәштәп иштеген урow жигит.*

УРПАЙ *тяньш.* упай; *урпай ойнойлу деп үн алышты го.*

УРПАК *алк.* 1. камыр жайганда жабышпас үчүн анын бетине себиле турган ун; *камыр жайганда урпак севет*; 2. *жерг., тал.* улпак; *урпакты кагып ал, умачка түшпөсүн.*

УРПАКТА *жерг.* улпак кошуу, себүү, аралаштыруу; *үмүт тарткан, үмүт кошкон сен болсоң, урпактай бер ону.*

УРСАҢ *пам.* ырман; *онун колуну кармап, арсаң-урсаң күлгөнүң не?*

УРТ *батк.* жорук, үрп – адат, жол; *таамил да, урт да дейт.*

УРТУЙ *ноок.* дордоюу; *эки иләвини уртуйтат.*

УРТУЙТ *жерг.* долдойтуу: *эки бетиң тултуйтпа, эки иләвиң уртуйтпа.*

УРУW *батк.* үрөн, урук; *урuwу чачканга көнүп калсын.*

УРУWЧУ *лейл.* чүкө ата турган бала; *урuwчу баланын ашыгы белгиленген ашыкка тийведи.*

УРУВАЛДЫ *пам.* эки адамдын сакасынан конгону төргө чыгып, экинчиси атып, тийгизсе утуп, тийгизбесе мурункусу кезек алып ойногон чүкө ойну; *урувалды кагылганда же каалавай каганда бүтөт.*

УРУГАЙМАК *жерг.* бир атадан тараган тукум; *уругаймагы бүт сыйлады.*

УРУГУЙ *түнд.* уруйган нерсе; *таштар көп кырдуу, уругуй.*

УРУЖИ *жерг.* фабрикадан чыгарылган көшөгөнүн түрү; *уружи кызыл товардан жасалат.*

УРУЙ *суз.* ур; *жыгачтын уруйу болот.*

УРУК I *жерг.* себиле турган дандын үрөнү; *буwдайдын уругуну көвөйттү;* **ак урук** *лейл.* уругунун, кабыгынын өңү ак, териси жука келген коондун түрү; *ак уруктан тапып келиң.*

УРУК II *жерг.* алып – жулуу; *онон-мунан уругуп-согуп жей берве.*

УРУКТАЛ *жерг.* себилүү; *жазгы буwдай урукталды.*

УРУКТОW *тал.* тамекинин сары гүл ачкан мезгили, учуру; *тамекинин уруктоw кесинде.*

УРУКТУW *батк.* ичинде урук даны бар, жалбыректары кайчы жука келген тыттын сорту; *уруктуw менен*

azywy чыга беде? (катарга кошулат беле).

УРУЛУШ *батк.* тоо, капчыгайдын туюк жак башы; *эки towgун урулушу дейт.*

УРУМ *тторо.* тар гана чөйрө; *урумга гана чачырайт.*

УРУМЧА *батк.* жакасына топчу тагылган көйнөк; *урумча көйнөк шо.*

УРУН *зам.* 1. киришүү; камынуу; *эки саат каган вактыда ашка урунам;* **эмне урунасыз?** *ноок.* 2. эмнеге ачууланасыз.

УРУНТТАТ *тоң.* баскычтантуу; *анын чыгармачылыгын урунтатып талдап жатты.*

УРУНУМДУУ *тоң.* көзгө урунган даана, ачык; *буйумдарынын өз-өз ордунда тургандыгы көзгө урунумдуу.*

УРУНЧАК *ыск.* бет сөөк; *эки беттин урунчагы эки бөйрөктөй тысырайат.*

УРУНЧААК *ыск.* көзгө уруна берген нерсе: *кулун сындуу Бурул кыз кумар көзгө урунчаак.*

УРУҢКУЙ *ыск., тяньш.* бир нерсенин түз, жайык жерден уркуюп чыгып турган жери; *таштын уруңкуйлары жонуна батып кетти.*

УРУТ *батк.* 1. кесилишкен тоом; *cywgун уруту экен;* 2. урунт; *эшиктин айваны шамалга урут экен.*

УРУУК *жерг.* үрөн; *жер айдап, уруук севет.*

УРУШГАК *жерг.* урушчаак; *урушгак кәмпирләрдәй бовой өз араваңды тартып жүрсөң бовойву?*

УРУШТУW *жерг.* чыр – чатактуу; *ынтымак үйдө дәвләт көп, уруштуw үйдө бәләкәт көп* (мак).

УРЧУК I *зам.* ийик; *урчук ала келиң.*

УРЧУК II *зам.* тизенин томугу; *урчугум owруп калыптыр.*

УСТАЗ *жерг.* устат; *устазыдан шәгирти өткөн.*

УСТУК *батк.* ооздук; *аттын устугуну сал.*

УСТУМ *батк.* тирөөч; *устумга тайанып; ак кайың чыгат жанаша, ыгвалыма жараша деген гәп урду.*

УСТУНДА *жерг.* үйдүн устунун коюу; *устунда дейт үйдү, бел кайда?*

УСТУНЧА *жерг., сейр.* жийденин сөөгү; *кап, кап ичиде ун, ун ичиде устунча.*

УСТУРКАН *жжол.* устукан; *омуртканы, чүкөлүw жиликти устурканга кошпойт.*

УСУЛ *батк.* шык, жөндөм, өнөр; *коркоктун жүрөгү жок, чоркоктун усулу жок;* ◊ **дуванага йәм усул керек** *батк.* кандайдыр бир олдоксон жасалган кыймылга, окшотуп бүтүрөм, көтөрөм деп бир жерин оорутуп алган адамга карата айтылат.

УСУР *ал.* 1. кусур; *ага усуру тийиптир;* 2. каар, ачуу; *темир устанын усуру келди.*

УТ *батк.* эскиче февраль айы; *билсең уттмун, билвесең жуттмун* (мак).

УТААК *ал.* утуп алма; *бүт утаак балдардын баары келди.*

УТАГАНЧ *алб.* утаанак; *ойноп жатып утаганч бала жыйган жер чекендени утуп алыптыр.*

УТКАК *ал.* ута берме; *Эмил уткак жалгыз ашыгы менен ойносо да утат.*

УТКУ *ал.* утуп алгыч; *жокорку айылда утку балдар бар.*

УТУК I *батк.* атадан калган мурас буюм; *асант турмуш өткөзөм десең, сенде керектүw бар утуктарыңды колдон берве.*

УТУК II *жерг.* утуш; *утукка кол койду.*

УТУМДУУ *чүй.* уткулуктуу; *үдөрүңдү үспөй эле тур, утумдуу болорсуң.*

УТУМСАК *жерг.* утууга ниеттенгендик; *шәшкә ойнойлек ле, утумсак болуп отурду.*

УТУРМАЛА *кочк.* утуру басып алдынан тосуу; *салам айтып алдынан утурмалады.*

УТУРУ *пам.* чакмак таш ойнунда таштардын бирин өйдө ыргытып бирин тосуп ойноо; *утуру-тетириден жаңылбаган кырк хунарлуw.*

УТУРУК *батк.* от тамызгы; *утурук жок пышылдап эле күйбөйт.*

УТУРУНДА *ыск., чүй.* ала салып тоголонуу; *уйдай таш утуруңдайт.*

УТУЧӘ *жерг.* бытыча; *кутучәм-кутучәм, ичи толо утучәм* (таб. күкүрт, ширенке).

УУДАНА *чүй.* уу коргошундун бир түрү; *уудана көк гүл байлайт.*

УУЗ *жерг.* уз; *кештечи жеңе, саймачы жеңе же жалпы эле ууз деп койушат.*

УУЙТ *батк.* сырдык сөз (улардын үнү тууроо); *улар ууйт деген тавыш менен ышкырат.*

УУЛ *чүй.* тогуз коргоол ойнунда бир уяга түшкөн үч коргоол.

УУЛАР *батк.* улар; *уулар болот улуw mowgo.*

УУЛЖАН *жумг.* сүткө кошуп кайнатып жүрөк ооруга дары катары колдонулчу өсүмдүктүн аты; *уулжан болсо, уулум өлвөйт эле; кереч болсо, келиним өлвөйт эле* (мак).

УУЛУ *тторо.* улуу; *карышкыр асманды карап уулуйт экен.*

УУЛЧАПАЙ *жжол.* кумдак жерде өсүүчү өсүмдүктүн аты; *уулчапай менен качырып калды.*

УУРДАКЕЙ *түнд.* бирдемени калп эле уурдаган өндөгөндүк; *алиги уурдакей кат болвосун.*

УХТААК *жерг.* уйкучу; *түндөсү иштеек, күндүзү ухтаак* (таб. эшиктин чынжыры).

УЦУК *баткч.* учук; *иләвигә уцук цыкты* (өтмө мааниде «капысынан чоочуп кетти» деген да түшүнүк берет); **суw уцук** *эск.* адам чыйрыгып ооруганда суу менен бүркүп дарымдагандык; *суw менен уцуктатуw калды;* **уцук-уцук** *жерг., эск.* учук менен ооруган адамды адегенде суу, анан курумшу, үчүнчү ирет чөп – чар менен учуктоо жолу; *уц уцук менен азыр ичкамди уцуктавайт;* **жети уцук** *жерг., эск.* учук менен катуу ооруган адамды бир нече жолу учуктоо жолу; *жети уцукка болвой ицини жел жейт* (ичи боору эзилет); (азыр мындай учуктоо жоюлган);

УЦУР *баткч.* учур; *уцурунда колдонот.*

УЧ I *батк.* шалыны сапырганда учуп чыккан чар – чур дан; *үйү күйүп кеткенсип* (чоң табылгасынан ажырагансып), *учту не кылат?*

УЧ II *пам.* башка ороло турган кичине ак материал; *уwурт көвүртпөй* (ооз көптүрбөй), *учту алып кой.*

УЧ III *батк.* жака, чет; *эми айылдын учуга жетиппиз;* ◊ **учка-түпкө тий** жер жеберине жет; учка чык уу – дуу кепке кал.

УЧ IV *зам.* күбүлүү; *катар арпа учпайт;* **учат экенин билевиз** *жерг. турганын билевиз;* **учуп кетти** *өзг.* каза болду; *ол әкәнин баласы да учуп кетти.*

УЧА *жерг.* тоок уя, тоок үй; *учаны абдан кичкий жасашат.*

УЧААК *ал.* учкул; *Канаттын жасаган кагаз самойлоту такай учаак боло турган.*

УЧАГАНЧ *алб.* учаанак; *учаганч куш зараңзага конор әә?*

УЧАГАЧ *батк.* учаанак; *Эшмәт әкәнин кушу учагач.*

УЧАЙЫК *жерг.* учкулук; *узун-узун учайык, учу-түвүн ким билет* (таб. жол).

УЧАН: уул-учан *түп.* уул – тээк;

бара – бара уул – учаны, кыз – кыркыны өсүп жетилди.

УЧАР I *батк.* 1. элпек, шамдагай, жеңил, колунан ар иш келген; *учар жигит болуптур*; 2. *өтм.* желөпкө; *куру кыйкырва, күртүлдөгөн учар дейт*; 3. *жерг.* учкул; *учар – учар учар куш түшүп берет тузакка*; 4. жеңил; *учар адам экен.*

УЧАР II *батк.* чүкө ойнунда атылган сака андан ары кетти деген мааниде айтылчу сөз; *учар деп туруп уруп жүгөрөт.*

УЧАР III *жерг.* 1. дуушар; *саңа көптөн бери учар кевей жүргөн эдем*; 2. беттешип калгандык; *дүрүлдөк кыргый чымчыкка* (борбашка) *учар болду.*

УЧАР IV: базар – учар *зам., жжол.* базар – сазар; *базар – учарлары биле болот.*

УЧАР V гисар коюнун тукуму; *учар койдон сойгон дейт*

УЧАРЛАНТ *жерг.* дуушарлантуу; *кыргыз тумак* (козунун териси менен тышталган тегерек тебетей) *кийип келатканыда учарлантат.*

УЧБЕР *батк.* белги берүү; дайын болуу; *эрте – бүрсүкүннөн учберип калаар деди.*

УЧКАЙАКТАН *чүй.* жалакайлануу; *учкайактанып кечээ калаага баравыз деп айткан.*

УЧКАЙЛА *ыск.* үстүртөн бир аз кеп кылуу, сөз айтуу; *анын ишин учкайлап айта кетели.*

УЧКАЙЫК *жерг.* учу – кыйры билинбеген нерсе; *узун – узун учкайык, учу – түвүнү ким билет* (таб. жол).

УЧКУЛ *батк.* эң четки, эң аяккы; *учкул путак бефәйдә.*

УЧКУЛУК *чүй.* өтө алыстагы жол (канаттуулардын учуп өтө турган аралыгы); *узун – узун учкулук, узун дайра кечкилик, балапан менен баскылык, алтын менен ачкылык* (таб. килит, сандык).

УЧКУН *тыньш.* кылда; *эң учкун алдыда ак боз атчан.*

УЧКУНДА *батк.* 1. шамал айдап себелөө; *кар учкундап жатат*; 2. тез сакаюу; *жеңил, учкундап туруп кетти.*

УЧКУР *зам,* 1. учтуу; *учкур тайак менен урат*; 2. курч; *тиш бирде мокоп, бирде учкур бовойт.*

УЧКУРДУК *батк.* учкул; *учкурдугу кеп эмес, сенин алгыр кушуңдан; тоголотот топуңду кокус чыкса жолуңдан* (таб. шамал).

УЧЛАН *түшт.* өсүмдүктүн аты; *учланды үзүп келчи.*

УЧМА *жерг.* 1. желпилдек, үлпүлдөк; жука; *секи – секи – секи таш, секи таштын үстүдө сексен койдун изи бар* (таб. курут), *тапсаң кәләгиңди учма кылам*; 2. *акт.* жумшак салынган төшөк; *учмага барып жатыңыз*; **учма – уч** *батк.* эптеп – септеп эле жасалган нерсе; *көптү көргөн көлдөй, көптү билбеген чөлдөй болот эмеспи*; учма – уч жасавас.

УЧМАКАЙ *батк.* көзмө – көз, бетме – бет; *учмакай боло калалы.*

УЧТА *батк.* чачты өрүү; *чачыңды учтап берейин.*

УЧТОWУЧ *батк.* чачтын учун бекитиш үчүн пахтадан жасалган биликче; *утowуч кылып бүттүнбү?* («учтow» болуп да айтылат).

УЧТУ: учту – учту, пери учту *тал.* балдар тегерете туруп, ортосуна бирөөнү коюп, анан ар нерсенин атын атап, бирде «учту» деп, бирде «учпады» деп, жаңылдырып, жаңылса ырдатып ойногон оюн; *учту – учту таан учту, учту – учту там учту.*

УЧТУЙ *ыск.* уч жагынан ичкерүү; *казыктын башы учтуйуп эле соройот.*

УЧТУК I *ноок.* кол кесер, кол акы; *мейнет акы, кол учтук болову?*

УЧТУК II *чүй.* чолпу; *учтугуңду камава, ушактын жолун аңдава*; **учтук салды** *өзг.* килем, шырдак жасаган аялдардын жанына барган эркектерге шоона же жүн ырым кылып берип, белек өндүрүп алуусу.

УЧУК I *жжол.* топташ ойнунда колдун ичиндеги таштын бирөөнү өйдө ыргытып илип алуу учуру; *учук менен ойнойвуз* (бул процесс бир жолу болсо «бир учук», эгер эки жолу кайталанса «үч учук» деп аталат); **учук сүүрүү** *пам.* кануварзир ойнунда «ууруну» кулагынан чымчып тартып жазалоо.

УЧУК II *зам.* эгинди сапырганда учуп чыккан майда кыпын – сыпын; *учукту наш тәштә* (кээде ал «учкун» деп да айтылат).

УЧУК III: казан учук *тал.* аялдар боюнан бошонорго жакындап калган кезде айылдагы кемпир – кесектерди чакырып, тамак берип сыйлоо көрүнүшү; *учук же казан учук дегенивиз кальп баратат.*

УЧУКТА *жжол.* топ таш ойнунда ""учук» алуу; *кайтпас кара малактан кийин учуктайт.*

УЧУКЧУ *батк.* учук оорусун эмдегич; *палчы, тамырчы, учукчулар энди тыйылды.*

УЧУЛА *чүй.* үстүртөдөн тийип качып айтуу; *учулап, камтылап айтты.*

УЧУМСАК *жерг.* учууга ниеттенгендак; *Дүшәнбигә бүгүн учумсак болдулар.*

УЧУН *пам.* 1. чочуу; *түндө бир немеден учунса керек*; 2. *лейл.* оозу – мурду кыйшыйып ооруга чалдыгуу; *Галдар учунган экен*; 3. *жжол.* жээлик, дүүлүк; *ансыз да учунуп турган жигит экен.*

УЧУНДУ *жерг.* ооруга чалдыккандык; желге тийип оозу – башы кыйшайгандык; *белестен мылтык сунгучан учунду болуп кетпесин.*

УЧУНМА *зам.* сезгек оору; *учунма кыйын оwру болот.*

УЧУНТ *тал.* апыртуу; *учунтуп живересиң сөз уксаң эле.*

УЧУР I *пам.* жооп; *Карачач, учурун, кайтар, учурун күтөм.*

УЧУР II: биз да учуруп койдук *суз. биз да бир аз утушка ээ болдук* (карта ойунунда).

УЧУРАК *батк.* бир нерсенин уч жагы; *теректин учурагыга чыкпа, жыгъыласың.*

УЧУРДУК *тал.* убактылуу; *эсиңе келчи, бул учурдук немеге оwба.*

УЧУРМА *ыск.* 1. тоодон ылдый карай тик жерден учурулуп жиберилген карагай; 2. *жжол.* жоолук; *учурмасын оңдоп, саасаң сүт деди.*

УЧУРМАК *батк.* жаңы учуп калган балапан; *чакчагайдын учурмак баласын тутуп алдым.*

УЧУРТ *ал.* капыстан учуруу; *арчадан козгоп учураткан.*

УЧУРУК *жерг.* учуртулуп айтылган сөз; учурук – көчүрүк кичине эле бир сөздүн элге тарап кетиши; *учурук–көчүрүк кылып живерве.*

УШ I *жерг.* эс, акыл; *какса бээ уш* (мак); **уш кетти** эс ооду; *уш тайдырә эсинен талдыр.*

УШ II *пам.* эшекти токтотуу үчүн айтыла турган сырдык сөз; *мына эшекти мине, уш ! – уш!*

УША *жерг., батк.* кармоо; *жүгүңдү бекем уша, түшүп кетпесин.*

УШАК I *жерг.* «чигинеге» жүктөлгөн отун; *ушак жүктөгөнгө зор–кичик жок.*

УШАК II *түшт.* ушул жак; *ушак жакшы, ушакка туралы.*

УШАҢ: уул–ушаң *чүй.* укум – тукум; *уул–ушаңдарың эсен туравы?*

УШАР *жерг.* эстүү, тың, чыйрак,

акылдуу, сергек; *онун баласы ончо ушар.*

УШӘ *батк.* нанды сындыруу; *тигил нанды ушәп койчу.*

УШЕКТЕ *карс.* ушул жакта; *ушекте жок экен.*

УШЕҢГЕ *суз.* ушул жерге; *ушеңге упай ойнойвусуңар?*

УШЕТТЕ *суз., өзг.* ушул жерде; *Рәйиш әкә ушетте эде* («ушийетте» болуп да айтылат).

УШЙЕК *суз.* ушул жак; *ушйекке ошйектен кеген.*

УШКУНДУУ *зам.* шакел; *мал жевей тәштәгәнини ушкундуу дейвиз.*

УШНАКА *суз.* ушундай; *ушнака кылып кайтарып жүрдүк.*

УШТА I *чүй.* көпчүлүк болуп тамак аш жеөө; *ушта кылып тарадык.*

УШТА II *лейл.* чачуучтук тагуу; *чачыңды уштап ал.*

УШТА III *батк.* кармоо, тутуу; *товокту уштап ке, сойовуз «ушла» болуп да айтылат.*

УШТОW *лейл.* учтугуй; *уштоw пычак экен*; **чач уштоw** *батк.* чач учтук.

УШТУК *жжол.* учук; *бир уштук жип.*

УШУЙЕК *тал.* ушул жак; *силерге караганда ушуйек жылуw.*

УШУЙЕТТЕ *батк.* ушул жерде; *ушуйетте «нәс чеккен кишини уруп сындыр тишини» деп әйтәт.*

УШУЛАН *батк.* өңү боз, ичке, катуу сабактуу, сабагынын бооруна жыш майда тоголок баш алган өсүмдүктүн аты; *ушуландын күлүдөн самын жасалат.*

УШУЛУК *пам., жерг.* жөнү жок эле бир нерсени шылтоолоп чатак кылгандык, кежирденгендик; *Жолдувай, көп ушулук кылва тайак жейсиң.*

УШУНДАКАЙ *чатк.* ушундай; *койдун кәлләсин ушундакай казанга сагыла* («ушунака, ущундака» болуп да айтылат).

УШУНДЕТ *жжол.* ушинтүү; *ушундетип оwкат өтүп атыр.*

УШУНЧЕКИ *жжол.* ушунчалык; *ушунчеки немелер экен деди.*

УШУРЕКИ *тторо.* ушул; *ушуреки бойум кандай экен?*

УШШАК *ал.* күкүм; *нандын ушшагыны чогултуп ал.*

– Ү –

ҮWҮЛДӨК *пам.* түтүкчө; *үwүлдөгүн үйлөдү жетим, үн чыгарвай ыйлады жетим.*

ҮР *ал.* үйүр; *тор айгырдын үwүрү Апашка чыкты.*

ҮВӘЖ *батк.* 1. туура, макул; *күн бүгүн чычаласыны ала чыкты деп* (абдан ысыды деп) *үвәж гәпти әйтти*; 2. *пам.* калыстык үчүн беттештиргендик; *экөwүн үвәж кылыш керек, бовосо сөз ачылвайт.*

ҮВӘЖИН *суз.* каражат; *ол немеде үвәжин боло веде дептир.*

ҮВӘЗӘ *лейл.* көпчүлүк алдында сүйлөнгөн сөз; *шаарларда болуп үвәзә айткан.*

ҮВӘЗИПӘ *зам.* тапшырма; *үйгө берген үвәзипәни мен бәжәрдим.*

ҮВӘМИН *батк.* 1. оор басырык; *үвәмин бол;* 2. күчтүү, бышык; *пешкары үвәзмин жыгач экен, жарайт.*

ҮВӘЙ *пам.* кайнатылган курут аралаштырылып жасалган тамак; *жаздын күнү үвәйди көп ичсе, түтөгүп калат* (Памирде «жаз» деген сөз «жай» деген түшүнүк берет, жаз мезгили « бээр» аталат. Кээде жай мезгили «саратан» болуп да айтылат).

ҮВӘЙИЗ *лейл.* узак кеп; *хыйладан бери үвәйиз укпады.*

ҮВӘЙЗӘН *батк., эск.* чайдын бир түрү; *мурда бизде үвәйзән чай болучу эде;* (азыр мында чайдын аты айтылбайт).

ҮВӘЙСИ *батк.* келжирөө; *үвәйсивәй жүр, шондо ичиң чыгат.*

ҮВӘК *пам.* өнү боз, чондугу көгүчкөндөй, «вәк – вәк» деп үн чыгарып тоолуу жерде жашаган канаттуунун аты, *үвәкхәр вак–вәәк дей берет.*

ҮВӘКИЛ *өзг., эск.* нике кыйганда күбөлүккө жүргөн киши; *никесин байлай койолу, сен үвәкил бол* (Азыр мындай көрүнүш эскирген).

ҮВӘЛӘН *суз.* ушалануу, майдалануу; *голектер үвәләнип кетти.*

ҮВӘЛИ *батк.* алдын ала сезгич, билгич; *үвәли киши йәм дейт.*

ҮВӘЛИК *лейл.* 1. ок жыгач; *аравада, ат кошто үвәлик болот;* 2. *ал.* эки учуна, орто жерине того өткөрүлүп ага жип байланып, моюнчага туташтырылган жыгач; *үвәлик сынып калып, кош токтоду.*

ҮВӘЛИКТӘ *лейл.* кийиз бышырганда билек менен кийизди басуу, тегеретип томолотуу; *оппоо, хызырды жок десем дә болот экен го, эндиге үвәликтәгәнди билвейсиң!*

ҮВӨ *ыск.* майда чаңдык; *үвөдөн сепсе, айыктыруура севепкер болот.*

ҮВӨК *алб.* чачты эки бөлүп өрүп, анан анын ортосуна байлана турган (тыйындан жибек жипке кадалып, анан эки «әкдәнә», анан дагы тыйын, шуру уланып жасалган) кооздук; *үвөктү чачтын ортосуна байлайт .*

ҮВӨЛӨ *ал.* сандыктын бир түрү; *үвөлөм жок, күйүп– күйүп тым болдум.*

ҮВҮЛ *батк.* майдаланып, былчырап кетүү; *айтор, сөwөктөрү үвүлгөндөй болду.*

ҮВҮЛДҮ *батк.* үбөлөнүп калган нерсе; *үвүлдү–үвүлдү кылып кетиптир.*

ҮВҮЛДҮР *батк.* үбөлөө; *жыйып ал үвүлдүрвөй, увал болот.*

ҮГӨ *чүй.* өтө майдалап тууроо; *памидорду кургатып, үгөп туурап салавыз.*

ҮГӨЛӨ *кочк.* үбөлөө, уйпалоо; *изиңди ийри, атыңды айры девесемби, үгөлөйм, койо тур!*

ҮГӨНДҮ *тал.* бир нерсеге экинчи

бир нерсени сүрүүдөн чыккан майда үбөлөндү; *темир менен жыгачты сүрсөң үгөндү болот.*

ҮГРӨН *жерг.* үйрөн; *аз-аздан үгрөнүп дээнэ болор, кайра-кайра жыйылып дәрийә болор* (мак.); *үгрөнүм асант, үгрөтүш кыйын* (мак.).

ҮГҮ I *жжол.* үн тууранды сөз; *үгү деген үнү, үксөйгөн жүнү бар.*

ҮГҮ II *пам.* үбөлөө; *үгүп сал, бовосо топ жийинди хуштар кыйайсың.*

ҮГҮР *лейл.* үйүрүү; *үгүр дейт, сал дейт, калча дейт.*

ҮГҮРҮ *ар.* тили ачуу, сөзү каар; *ол кыздын кыйалы, тили үгүрү болот.*

ҮДӨЙЧҮ *жжол., эск.* илгерки убактагы жан жигит, сакчы, ат кармар; *үдөйчүдөн бир эркек шуйекке келген имиш* («удайчы» болуп да айтылат).

ҮДӨР I *алб.* ой – тилек, максат; *үдөрүңдүн баарын ойунга койво.*

ҮДӨР II *алб.* жөн, тынч, тим; *Үсөн үдөр турчу.*

ҮДӨӨР *пам.* аңтаруу; *доктур көзүнү үдөөрүп көрдү.*

ҮДҮН I *ош.* муун – жүүн; *үдүнү бош, жалтак неме экен.*

ҮДҮН II *ноок.* башы суук; *үдүн, ий, үдүн! үвәстәни жыш орношподуңбу.*

ҮДҮҢДӨ *пам.* үлбүрөө; *үдүңдөйсүң, күймөнөсүң жеңе.*

ҮДҮРӨ *пам.* өң – алаттан кетүү; *тумowдон кийин үдүрөп кетти.*

ҮЖҮМ *батк.* 1. топ, үйүлүш; *үжүм кылдылар*; 2. топ болуп кол салгандык, каршы тургандык; *ого төртөw үжүм жасаптыр.*

ҮЖҮРӨ *тоң.* чөп алачык; *жар башындагы жалгыз үжүрө ошолордун түнөөсү.*

ҮЖҮТ I *батк.* 1. убакыт, мезгил, бараал; *үжүтүм болвой сени мыйманга чакыра алвадым;* 2. колдо жок болуп, тилектин аткарылбагандыгы; *шунча издесем әм үжүтүм чыкпады;* 3. ык, эп; *үжүткө келтириң ону.*

ҮЖҮТ II *батк.* ач көз, сук; *үжүттөй колумдан тартып алды.*

ҮЗ I *жерг.* өң, жүз; *үз-үздү көрсө, бет тәйәт же көз көрсө, үзү бет тәйәт* (мак.); *адамдын үзү аптаптан ыстык* (мак.); ◊ **үзүң атала** калп, жалган; *үзүң атала, мен ол ишке барган эмесмин*; **өзү үзсүз, сөзү тузсуз** *жерг.* баркы жок.

ҮЗ II *жерг.* жөнүндө, тууралуу; *мал үзүдө айтылат.*

ҮЗ III *батк.* карыздан кутулуу; *он сом пулунан үзүп кетти;* 2. *пам.* жулуп кетүү; *улакты үзүп кетти*; 3. чыгарып алуу; *тандырдагы наныңды үздүңбү?;* 4. атуу; *ок үзүп калды*; **үзүп салар** *жерг.* оорулуу адамга тузсуз жасап берилүүчү бир аз камыр тамак; *үжүтүң болсо, үзүп салар жасай салчы.*

ҮЗГӨ *кочк.* үзгүлтүк; үзүмчүлүк; *актан үзгө болгон жок.*

ҮЗГҮЛТҮК *жерг.* чикит ойнунда чымылдап келе жатып, дем алып, үнүн токтото калгандык; *зуw бергенде үзгүлтүк кылса, кайра баштайт.*

ҮЗГҮТ *жерг.* үзүп – жулуп алма адам; *жә, бача, үзгүт экенсиң.*

ҮЗДӨШ *пам.* таанышуу; *иштин мәәниси менен үздөшүп отуравыз.*

ҮЗДҮW *пам.* жүздүү, өңдүү; *уйга жүгөн салвайвы, үйрөнгөн адат калвайвы, атка жүгөн салвайвы, алган адат калвайвы? – дейт о, үздүwсү;* **эки үздүw** эндүү келип, орто жерине терс кайык, эки четине кой көз түшүрүлүп, энсиз болсо сыңар кайкалак салынып, кол менөн терилип, аркак өткөрүлүп согулган таар; *эки үздүwдүн кәштәси чырәйлык.*

ҮЗДҮWЛҮК *пам.* эки жүздүүлүк; *эки үздүwлүк кылса, элге кадыры кетет.*

ҮЗӘҢГИ *ал.* үзөңгү; *үзәңгини тээп, улукту урмат кылвасаң, кичиктен сый көрвөйсүң.*

ҮЗМӨ *зам.* адамдын тарамышы түйүлүп ооруган оору; *далыңыз үзмө болсо үзүп берейин.*

ҮЗӨГӨНЧ *алб.* үзөөнөк; *үзөгөнчтү кара, итикени тиктеп отурат.*

ҮЗӨГӨЧ *батк.* бир нерсени үзүп – жулуп алма адаты бар; *үзөгөч торпок болуптур.*

ҮЗӨҢГҮЛҮК *жерг.* буттун үзөңгүгө тие турган жери; *чәңгәкти үзөңгүлүккө кийиш керек.*

ҮЗӨНКҮТЕШЕР *зам.* ок жылан; *үзөнкүтешер чапса темирди тешип кетет.*

ҮЗӨҢГҮЛҮК *пам.* үзөңгү боо; *хеч бәләәси жок бош эле шу жерде үзөңгүлүк жатавы?*; ◊ **үзөңгүлүгү кычышат** өзүнөн өзү тийишет; *үзөңгүлүгүң кычышып турса, о кырга чыгып кел.*

ҮЗӨТ *тяньш.* акыл, насаат; *үзөт сөздөр маал–маалында.*

ҮЗҮ *ал.* кандайдыр бир кийиз; таар ж.б. нерселердин тең болгондогусу; *таар үзү болуптур, теңделиптир.*

ҮЗҮК I *жерг.* калыс; *тузуңду бергин түзүккө, нээти калыс үзүккө.*

ҮЗҮК II суз., *жжол.* көз чөгөрүлгөн шакек; *үзүк талашып, үзөңгү тевиш салвагын* (тең тайлаша).

ҮЗҮК III *тоң.* үздүктүккөндүк, создуккандык; *үзүгү жок–созугу жок иштеп келатат;* **үзүк–чолок** *ыск.* жарым – жартылай; *үзүк–чолок кыртыштардан кесип кел.*

ҮЗҮКНӘМ *жжол.* кымбат баалуу жүздүк; *колунда – үзүкнәм.*

ҮЗҮКЧҮЛҮК *ноок.* жетишпей үзүл – кесил болгондук; *согуш кезинде үзүкчүлүк богон.*

ҮЗҮЛ *ноок.* кутулуу; *карызывыздан быйыл үзүлдүк.*

ҮЗҮЛГҮЧ *ал.* бош, чыйрак эмес; *бул үзүлгүч немени неге алдың?*

ҮЗҮЛМӨ *лейл.* килемге түшүрүлүүчү көчөттүн бир түрү; *үзүл–созулу жок эде үзүлмө пүттү.*

ҮЗҮЛҮК *өзг.* суулук, ооздук; *ак айран, сары каймак ичкени үзүлүктү оңдовой койду.*

ҮЗҮМ I *суз.* тамеки жалбырагын үзүп, чогултуу процесси; *тәмәки үзүм; биринчи үзүм, экинчи үзүм, үчүнчү үзүм жана шыпырма болуп аталат.*

ҮЗҮМ II *суз.* жүзүм; *быйыл үзүмдү сери кылып көтөрдүк.*

ҮЗҮМДҮ *пам.* бир учук; *жиптен бир үзүмдү берип кой.*

ҮЗҮМСӨК *жерг.* үзүүгө ниеттенгендик; *алманы шактан эртеге үзүмсөк болдук.*

ҮЗҮН *батк.* жулкунуу; *үзүмбө, үзүнүп кайда барат экенсиң әә.*

ҮЗҮНДҮЛӨН *түшт.* үзүл – кесил болуу; *үзүндүлөнүп комуз кайрыктары үгулат.*

ҮЗҮРЛӨ *чүй.* чечилип кеп айтуу; чечилип сүйлөшүү, кобурашуу; *үзүрлөшүп сүйлөшүп отурдук.*

ҮЗҮРМӘТ *батк.* урмат, сый; *үзүрмәт кылвапсың.*

ҮЗҮРҮМ *алб.* кадимки шыбактай коюу өсүп, бирок андан бир аз жоонураак да, узунураак да келип, чачырап бутактуу болуп өскөн өсүмдүктүн аты; *үзүрүм чаап келишке кетти* («үзүрүн, бүзүрүм» болуп да айтылат. Бул өсүмдүк «пилла» орогондо пайдаланылат).

ҮЗҮТ I *батк.* илгир, алгыр, жулгуч; *бу чоңойсо, үзүт эле болот.*

ҮЗҮТ II *батк.* жетишпеген учур, маал, кез; *илгери үзүт көп богон.*

ҮЗҮТКҮ *батк.* алып жулгуч; *үзүткүгө окшоп чыга калды.*

ҮЗҮТТӨН *жерг.* амалдануу, кууланууу; *о киши үзүттөнүп келип калды.*

ҮЗҮТЧҮЛҮК *батк.* бир нерсенин жетишпей турган учуру; *илгери үзүтчүлүк көп болчу.*

ҮЗҮҮ *атб.* үзүк; *түр салынган үзүү–тутуу, айак кап, чыны кап, чий, чыгдан бар.*

ҮЙ *лейл.* 1. килемдин ортосундагы туташ көчөттүн комплекси жана ал ээлеген аралык (бир үйдө бир нече көчөт болот, ал эми ар бир килемге көлөмүнө жараша экиден төрткө чейин үй салынат); *гилемиңердин канча үйүн бүттүңөр?* 2. *чүй, ыск.* черта ойнунда бөлүкчөлөргө бөлүнгөн сызык; *экинчи үйгө секир*; **кара үй же кыргыз үй** *жерг.* 1. боз үй; *жәйлөwдө кыргыз үй болот;* 2. төрт чакмак ташты манжалардын ортосунан киргизип, бир ташты жогору ыргытып, топтолгон таштарды тосуп алуу учуру.

ҮЙГӨК *ал.* үйүп ийме; *о мезгилде үйгөктөрдү издеп калавыз.*

ҮЙЖАНЫ *пам., жерг., эск.* илгери кыз – күйөөнү тойдон мурда атайын жолуктуруп, сый – сыпат кылып көрүштүргөндүк; *үйжаны деген энди көwнөрдү, бовой калды.*

ҮЙЖЫЛАН *батк.* жыландын өңү агыш, бирок адамды чакпаган бир түрү; *ак үйжыланды адамдар өлтүрвөйт* (Аны эмнегедир "үйдүн куту" деп эсептешкен экен).

ҮЙЛӨ I *ыск.* үлүш; *агасы эмеспи үйлөсү бүткөн.*

ҮЙЛӨ II *жерг., пам., чатк., лейл., өзг.* үйлөндүрүү; *балавызды үйлөдүк, үзүл–кесили жок жәшәй берсин.*

ҮЙЛӨW *тал.* үлөндүрүү; *үйлөw–үйлөw керек дечи.*

ҮЙЛӨШ *ноок.* биргелешүү; *үйлөшүп келип ушлады.*

ҮЙЛҮК *жжол.* үйгө таандык нерсе; *үйлүк тапшырманы кандай аткардың?*

ҮЙМӨ *жерг.* төөнүн топтошуп калган жүнү; *үймө жулуп арстаан баласы арстаан болову? – деп сурады.*

ҮЙМӨК: үймөк–үймөк *зам.* опур – топур; *үймөк–түймө болуп келип калышты.*

ҮЙМӨМ *атб.* үймө – үй; *үймөм кире берди.*

ҮЙӨГӨНЧ *алб.* үйөөнөк; *үйөгөнч кишивиз төwөсүн кайытып жүрөвү?*

ҮЙӨГӨЧ *ал.* үйүүгө маш; *пычан жыйганда үйөгөчтөр көвөйөт.*

ҮЙӨДӨЛӨ *зам.* өйдөлөнүп калуу; *чукурга тыгылып, мойну кайрылып, үйөдөлөп калды.*

ҮЙӨӨК *ал.* үйгүч; *окуwчу балдар арасыда үйөөкдөрү көп.*

ҮЙӨР *ыск.* алдуу, кубаттуу; *карт кара бука, мартеке музоо, үйөр–үйөр үч өгүз* (таб. казан, сузгу, тулга).

ҮЙӨСТӨ *зам.* күндүн ысыгында бир жерге ыгып, башты бири – бирине катып калуу; *койлор бир жерге үйөстөп калды.*

ҮЙРӨ I *өзг.* 1. шалынын суу бетине чыккан көгү (ийнеден кийинки мезгили); **үйрөгө жатты** суу бетине өсүп чыккан шалынын жапырылып калышы; **үйрөдөн турду** суу тартылып, шалынын тик турган учуру; 2. *батк.* чий бакмал товары; *эки метир үйрө алып келиң.*

ҮЙРӨ II *чатк.* 1. кесме түрүндө, бирок коюу жасалып, табакка салып желе турган тамактын аты; *үйрөсү койук болот* (бул тамак "кескен аштан" коюулугу менен айырмаланат да, Өзгөн тарапта "кыркма" деп аталат); 2. *ноок.* эленип үйрүлгөн чар, кебек; *үйрө–үйрө кевекти үйрүп жеген торпогум;* **үйрө палоо** *өзг., батк., суз.* 1. камырды кесме кылып кургатып, анан андан палоо өндөнтүп кургак бышырган тамак; 2. *суз., сейр.* беш бармак (тоо арасында).

ҮЙРӨ III *жжол.* жүздү үйрүү; *жүзүн үйрөп, о жүзүң кургур деди.*

ҮЙРӨК *чүй.* кундуздун бир түрү; *Чүйдө үйрөк деген кундус болот.*

ҮЙРҮ *алб.* 1. чокой, "чөмчө" өндүү

бут кийимдин тумшугун өйдө кайруу; *чөмчөнү кош кайрык кылып үйрүп кой*; 2. *ноок.* жем – чарды, кебекти ар кайсы жеринен чолуп жеөө; *торпок кевекти үйрүп жеди*; 3. *батк.* шыйпаңдоо; *ол ат куйругуну үйрүп тым турат.*

ҮЙРҮМ I *алб.* чокойдун тигиши; *чөмчөнүн үйрүмү бышыкты.*

ҮЙРҮМ II *жжол.* тарам – тарам; *үйрүм жалвыракты карачы.*

ҮЙРҮМ III *чүй.* түк, такыр; *үйрүм эчтекеси калбаппы?*

ҮЙРҮМ IV *жжол.* бузулбаган бүтүн бир келки нерсе; *үйрүм нерсени бузба;* **үйрүм эт** *жжол.* тууралбаган кесек эт; *тетиги балага үйрүм эттен кесип бер.*

ҮЙРҮМӨЛӨ *өзг.* үйрү эгин тазалоо; *буудайды үйрүмөлөп койчу.*

ҮЙРҮМӨК *тал.* жерди чуңкур кылып казып, ошого алыстан таш түшүрүп ойнолуучу оюн; *үйрүмөктө байгеге бир көтөрүм кuwрай чайылчу.*

ҮЙРҮМЧҮ *алб.* «чөмчө» тигүүчү адам; *биз үйрүмчү деп да, чөмчөчү деп да айтавыз.*

ҮЙРҮНДҮ *кочк.* эгинди калбырлаганда чыккан чар – чур; *кыйла эле үйрүндү чыкты.*

ҮЙТИКТИ *батк.* балдар экиге бөлүнүп, бир жагы кезекти алып, бири – бирин качырып минишип, кармашып ойногон оюндун аты; *үйтиктиде эки тарап болуп ойнойт.*

ҮЙҮЗ *лейл.* өйүз; *ол үйүздө беш таш, бул үйүздө беш таш, ортосунда жеке таш* (таб. чий чырмаганда колдонулуучу таштар).

ҮЙҮЛҮШ *жерг., ал.* жай айларында бир кур адамдар, көбүнчө жаштар чогулуп, кезектешип мал союп шерине жеш жөрөлгөсү (бул жөрөлгө жайлоого көчкөндө өткөрүлүп, мал союлган үйдө кезек менен ыр ырдалып, тамбур, комуз чертилип, тамашалар уюштурулган. Эттер "эң жоргого" бөлүнүп устукандалган. Бул жөрөлгө кээ бир жерде "дөңгөнө, гөштөк" деп да аталган)

ҮЙҮМ *зам.* 1. үймөк; *пычанды үйүм кылып чогултат;* 2. бир жерге чогултуп, топ – топ койгон нерсе; *бар жерге жыйнаган үйүм таш экен;* 3. *батк.* көп; *үйүм – үйүм ашкевер чогултат.*

ҮЙҮМДҮ *пам.* үйүлдү жыйналган нерсе; *чабылган чөп үйүм – үйүмдү болуп турат.*

ҮЙҮМДҮК *жерг., пам.* үймөк; *бир үйүмдүк терискен.*

ҮЙҮМСӨК *жерг.* үйүүгө ниеттенгендик; *эртеге чөп үйүмсөк болдулар.*

ҮЙҮМЧӨ *зам.* кичинекей үйүлгөн нерсе; *үйүмчү ташты алып кет.*

ҮЙҮР I *баткч.* чоң үй – бүлөлүү, бала – чакалуу; *Сәттәр – үйүр баш киши.*

ҮЙҮР II *жумг.* аярдап сактоо; *өз ыгын ойлоп, үйрө турсак не болот?*

ҮЙҮРМӨ I *чатк.* тумшук жагы өйдө кайрылган илгерки бут кийим; *үйүрмөнү азыр ким кийет эле?*

ҮЙҮРМӨ II *өзг.* калбырдын түрү; *мурдуда ысы жок* (барбаландабачы), *ол үйүрмө биздики.*

ҮЙҮРМӨ III *атб.* кар уюлгуп бороилоп, шамалга сапырылып үйрүлүп турган жер; *үйүрмөнүн ашуусуна бара жаткан жерде.*

ҮЙҮРМӨ IV *суз.* жалаң эттен тууралып даярдалган нарын; *үйүрмөнү бодо малдын этинен үйрүп тууpайт.*

ҮЙҮРТ *чатк.* 1. кайра кайруу; *үйүрмө чокойду үйүртүп тигет;* 2. тегеретүү, айландыруу; *башын үйүртүп салганбы, эмне тоwго жөнөвөйт?*

ҮЙҮРТМӨ *өзг.* айландырма, тегеретме; *тил алып, үйүртмө кылып койво;* **баш үйүртмө** *базк., эск.* башты

айлантып койгондук; *баш үйүртмөдөн өткөн жаман неме жок* (бул көрүнүш азыр эскирип жоюлган).

ҮЙҮТ *жжол.* жосун, адат; *жаман үйүт адамды өйдөлөтпөйт.*

ҮЙҮШКӨК *ал.* үйгүч; *үйүшкөгү о болсо жыргапсың дә.*

ҮЙЧҮМӨН *жерг.* боз үйдүн эмерегин жасоочулук кесиби бар адам; *эми шунан, үйчүмөндөн бир ywyч топурак буйурса болду.*

ҮКӘ *түшт.* 1. ини, бөбөк; *кичинекей эки үкәм бар, әкәләр;* 2. өзүнөн кичүү жаш бала, жаш жигит, адам (сылыктык иретинде); *менин ич күнәәм жок, үкә!*; **әкә–үкә** ага – ини; *әкәм–үкәм бар әле.*

ҮКӘЛӘ *түшт.* "үкөлөп" кайталап кайрылуу; *үкәләсәң да көмбөйт.*

ҮКӘЛҮW *жерг.* инилүү; *әкәлүw–үкәлүw бир жолдо кетип бараmат, бири–бирини көрвөйт* (таб. көз).

ҮКӘЧИЛ *жерг.* иничил; *көк кәмсәл жигит үкәчил.*

ҮКӘШ *батк.* инике, иничек; *о, үкәш үкәшимдин эжеси.*

ҮКЕЛЕК *чүй., сейр.* чегиртке; *кичинекей үкәләк жумурткасын ким билет* (таб. чегиртке).

ҮКӨК *өзг.* кыздардын такыясынын төбөсүнө кооздук үчүн тагылган үлпүлдөк; *топусунда үкөгү бар кыз.*

ҮКҮБАШ *түнд.* бир жагы керки сымал, бир жагы балка сымал жасалган буюм; *Асан, үкүбаш менен ажара салчы.*

ҮКҮ–ТҮКҮ *тал.* жүрөк заада, бушайман; *үйдөгүлөр да үкү–түкү болуп жатат ко.*

ҮКҮЛ *тторо.* сандык; *балдарым эми келипсиңер үкүлдү ачып ошону көрсөтөйүнчү.*

ҮКҮМ *пам.* өкүм; *жилик талашка үкүм кылаттар.*

ҮКШҮ *лейл.* өкчөө; калчоо; *ашыктарды бириктирип үкшүйт.*

ҮЛВҮЛ: үлвүл–үлвүл *ыск.* тээ алыстан көзгө араң гана билинер – билинбес болуп көрүнүү; *үлвүл–үлвүл бирдемени боолголодум.*

ҮЛВӘ *батк., лейл., өзг.* жалбыз; *үлвә деген арыктардын бойуда өсөт.*

ҮЛВӨРҮҢКҮ *тал.* жумшак, үлбүрөк жүн; *үкө, көрпө–төшөк, үлвөрүңкү дегендер тим эле гой ашып–ташыйт.*

ҮЛВҮР *чүй.* жай, созулуп каалгыган кыймыл; *канатын жайып үлвүр каалгыйт.*

ҮЛВҮРӨ *батк.* мөлтүрөө; *Тайандын өрүктөрү үлвүрөп пышыптыр.*

ҮЛГҮР *чүй.* куш – бүркүткө тагылган боону өткөрүп коюучу мүйүз же жыгач шакекче, төңөлүк; *үлгүрдү алып кел, томогону алып кел деди.*

ҮЛГҮРЧҮ *суз.* чогуу, бүт; *үлгүрчү пул бекен?*

ҮЛГҮТ *атб.* илгиртүү; *үлгүтпөй бастырып кетти.*

ҮЛГҮЧҮ *акт.* көчөт, оюм, сайма ж.б. үлгүсүн даярдаган киши; *үлгүчү устанын ырыскысына сүйүн.*

ҮЛДҮР: үлдүр–сүлдүр *жжол.* элес – булас; *дувалдагы сүйрөт үлдүр–сүлдүр көрүнөт.*

ҮЛКӨЙ *лейл.* чоңоюу, эс тартуу; *үлкөйдү да, бетидеги үлвүрчөгүнү тәштәшди.*

ҮЛКӨН I *кочк.* билерман; *Чоровайдын ашында ошол үлкөн болгон.*

ҮЛКӨН II *жерг., батк., зам.* чырыч; кулунчак; *үлкөндүн бәрки сүйрү, ыстуw келет*; **боз үлкөн** *зам.* тескей бетке чыгуучу өсүмдүк; боз үлкөндү патырга кошуп жесе жакшы болот; **буwрул үлкөн** *зам.* жапайы жүзүм сымал өсүмдүк; *буwрул үлкөндү кәлтә–кәлтә кылып кесип, ысык суwга кайнатып, бел оwруга дәри кылып тартат;* **кара үлкөн** *батк.* чырычтын эрте чыгуучу, өңү

карамтыл түрү; *илгери кара үлкөн энди чыкканда терчүвүз*; **сары үлкөн** *батк.* чырыч; саргыч келген түрү; *"тапкан ашым татыраң, таарынбагын кудагый" дегендей сары үлкөндөн сәмчә кыласыңбы?*; **ургаачы үлкөн** үлкөндүн ичке, кичине, жапыз чыккан түрү; *ургаачы үлкөн бу адырларда бар*; **чагат үлкөн** *зам.* күнгөй бетке чыгуучу үлкөн өсүмдүгү; *чагат үлкөн боткок алыптыр*; **чәйән үлкөн** *батк.* өңү ток көгүш, жалбырагы ичке, бою кадимки «үлкөндөн» кичирээк өсүмдүктүн аты; *чәйән үлкөндү мал жазда жевейт, кышта куруганда жейт*; **эркек үлкөн** чырычтын жоон сабак алып, жарым метрге бийиктеп, таштардын арасына чыга турган түрү; *эркен үлкөндүн тамырыны жәнчип, арпанын унуга кошуп ширеш жәсәйттәр.*

ҮЛКӨН III *батк.* сонун, жакшы, көрктүү; *азамат, үлкөн иш кылыпсың.*

ҮЛКӨН IV *чүй.* өркөн; *үлкөнү өскөн адам тура.*

ҮЛКӨНДҮҮ *батк.* чоң албеттүү, келишкен көркөмдүү; бары – жогу төп, өнүп – өскөн; *көрүнүшүгө караганда үлкөндүw адам.*

ҮЛКӨР I *жерг., батк.* үркөр; *үлкөр жылдыз топ жылдыз, бири – чыгат, бири өчөт* (жергиликтүү адамдар "үлкөр" чыкканда эгин эгилбейт, эгилсе бышып жетилбейт, ал жайкы чилденин белгиси дешет).

ҮЛКӨР II *батк. к.* "үлкөн"; *үлкөрдү көwлөп алат, ширеш кылат.*

ҮЛКӨРКАКТЫ *батк.* жайкы түндө тышка жаткан жаш бала ачынып, суук өтүп, ичин алып, тамакка табити тартпай, өндөн азып пайда болгон оорунун аты; *үлкөркакты жайында жалаң жерден пайда болот.*

ҮЛӨГӨР *атб.* лакап сөз; *байагынын балдары деп үлөгөр болосуңар.*

ҮЛӨШ *акт.* жымындоо; *майда жылдыздар үлөшүп, толгон айга жарык кошот.*

ҮЛПӘТ *зам.* үлпөт; *үлпәт болуп, шерик болуп ичет*; ◊ **үлпәтиң ала карга болсо, жегениң арам** *жерг.* жолдош – жороңдун аягы суюк болсо, өзүң да суюксуң.

ҮЛПӨҢ *лейл.* бош чыйратылган, түрүлгөн, эшилген; *чәчиң үлпөң өрүлүптүр.*

ҮЛПӨК *батк.* самса, мантууга кошо турган жыттуу өсүмдүктүн аты; *атам үлпөк кошуп самса жасап жатат.*

ҮЛПӨТ *пам.* жумшак, назик; *сүйүнчүсүгө үлпөт тавар берейин.*

ҮЛПҮЛДӨК *ал.* 1. сабагы, башы жумшак келген өсүмдүктүн аты; *үлпүлдөк деп койуп, этеги эки, жеңи жети болуп жүрө берет;* 2. үлбүрчөк; *ак шалвар жоwлугу – үлпүлдөк.*

ҮЛПҮНЧӨК I *тал.* гүлдүн жалбыракчасы; *байчечекей үлпүнчөк ачты.*

ҮЛПҮНЧӨК II *батк.* жасанып кооздонгон көрүнүш; *мунча ле үлпүнчөк болосуң?*

ҮЛТҮРӨ *пам.* жайнап кубулуу; табына келүү; *кыздын чәчини сылоw дегенде* (илгери нике тоюнда "тогуз тавак" жөрөлгөсүнөн кийин күйөө балага "сарпай" кийгизип, анан кайнене кыздын үстүнө кирип, жибек байлап, жеңелерине жол кылган көрүнүш. Азыр бул көрүнүш эскирген) *көзү кыргыйдай үлтүрөдү.*

ҮЛҮК *чүй.* 1. жүгөрүнүн даны чыгарылып алынган сотосу; *жүгөрүнүн үлүгүн бери ыргытчы*; 2. *өзг.* куш, бүркүттүн бир тал канатынын түбү.

ҮЛҮЛ I *тторо.* үкөк, сандыктын бир түрү; *үлүлү жатат бузулуп.*

ҮЛҮЛ II: үлүл – үлүл *тоң.* буканы козутуу үчүн айтыла турган сырдык сөз; *үлүл – үлүл десе бука козуйт.*

ҮЛҮЛКАНА *өзг.* үлүлдүн кутучасы; *үлүлканасына кире качкан үлүлдөй көрүндү.*

ҮЛҮҢГҮР *батк.* өчөр – өчпөс; *чыракты үлүңгүр кылып күйгүзгөндөн көрө бир жолу өчүргөнү түзүк.*

ҮЛҮҢДӨ *ал.* сасый баштоо, быкшый баштоо, жыты бузулуу; *гөш үлүңдөп калыпыр.*

ҮЛҮР *тал.* үлүрөйгөн; *адатынча үлүр көзүн жүлжүйттү.*

ҮМБӘ *лейл.* ооба; *үмбә, барамын.*

ҮМӨЙ: үмөй – чүмөй *арб.* чиелешип үйүлүшкөндүк, топтошуп калгандык; *кумурскалар үмөй – чүмөй болуп жатат.*

ҮМӨЙТҮW *ноок.* сөөлөттүү; *үзөңгүсү кәттә үмөттүw эде кыйладан.*

ҮМҮТГЕРЧИЛИК *батк.* кылуучулук; *элден үмүтгерчилик кыла бервей пайда келтир.*

ҮМҮТКӘШ *жерг.* үмүткөр; *үмүткәш болуп мен калдым.*

ҮМҮТЧӨӨК *алб.* үмүтчүл; *ушул адам көп эле үмүтчөөк кыла берет.*

ҮМҮТЧӨӨКТҮК *алб.* үмүт кылуучулук; *сен ушул үмүтчөөктүгүңдү койсоң, боло.*

ҮНДӨ *пам.* 1. дарым кылуу; *о кезде тишти үндөгөн, шондо ак жowлук саган башыга* (азыр мындай көрүнүш эскирген); 2. үн чыгаруу; *нимне әйтсә йәм үндөвөдү.*

ҮНДӨВӨС *лейл.* чакмак таш ойнунда таштарда бир – бирден үн чыгарбай жыйнап алуу учуру; *метир карап үн тартпайм, үндөвөстү ала берем.*

ҮНДӨӨ *чүй, лейл.* талаа кычысы; *үндөөнүн гүлү майда, сары болот.*

ҮНДӨШ *тал.* пикирлеш, сырдаш; *пикирин билесиң го, ал сага үндөш ко.*

ҮНДҮW I *жерг.* үнү жоон, жоон үнү бар; *бар – бар үндүw, барчын тайактуw жүтүрүп жетпес, жүгөн айактуw* (таб. көчкү).

ҮНДҮW II *пам.* шейит; *үндүw болуп өлгөн ол адам.*

ҮНӨГӨБОЙУ *чүй.* дайыма, ар убак; *үнөгөбойу каттап турвайт.*

ҮНӨМҮ *тал.* дайыма; *үнөмү ле келе бервейт ко.*

ҮНӨШ *зам.* бир – биринин ички ой – сезимин түшүнүшүп, ымалашып кетүү; *өзүңөр үнөшүп кетесинер дәә!*

ҮНӨШТҮР *зам., эск.* мурунку учурда жаш кызды бала кезинен башка бирөөгө куда түшүп, башын байлоо; *илгери бир – бириге үнөштүрүп куда түшчү эде* (азыр бул көрүнүш эскирген).

ҮҢ I *батк.* өтө, абдан; *кам дарвызды кучактава* (кур сөзгө ишенбе) *деп, үң катык әйтти.*

ҮҢ II: үң – дүң *түнд.* уу – дуу; *айыл апа үң – дүң.*

ҮҢГҮЛ *ыск.* эки жагы тең кырдуу, учтуу; *үңгүл баш керки экен.*

ҮҢКЕЧИК *өзг.* оңкочук; *үңкечик атат имиш.*

ҮҢКҮРӨ *ыск.* ичинен күңгүрөнүп каарануу; *кайра – кайра үңкүрөдү.*

ҮҢКҮРЧӨК *жжол.* кичине үңкүр; *үңкүрчөк kowдун аскасына жетип келишти.*

ҮҢҮЛ: үңүл баш *алк.* эки жак учу тең миздүү, курч чукулдук; *үңүл баш менен ороо казган экен.*

ҮҢҮЛЧӨК *тоң, сейр.* акча салуучу баштыкча, чөнтөк; *үңүлчөктө эчтеке калвай калды го?*

ҮҢҮР *өзг.* бакыракай; *Күкуштүн көзу кара, чоң, ошон үчүн үңүр дейвиз.*

ҮПААЛЫ *тал.* ыпыр – сыпыр, майда – чүйдө; *үпаалың калдывы, эми бас!*

ҮПӘДӘ *батк.* чайга чакыргандык, үйгө меймандагандык; *сен үпәдә кылсаң боло, баралы.*

ҮПӨ I *чүй, сейр.* тиги – бу; *апа болуп – үпө болуп жок болвосун.*

ҮПӨ II: үпө–дүп *тал.* жүрөктүн дүп – дүп этип согушу; *жүрөгү үпө–дүп болуп турду.*

ҮПӨК *зам.* жыргал, үзүр; *талталдап чачың өрө бер, тал үпөк алда көрө бер.*

ҮПУ I *тал., жжол.* 1. кыздардын баш кийминин төбөсүнө кооз канат же саңоордон тагылган кооздук; *баш кийимге азыр деле үпү тагат*; 2. *лейл.* үпүп; *үрпөйгөн жүнү үпү эткен үнү бар.*

ҮПУ II *батк.* бөйөн чакканда айтылчу сырдык сөз; *апи жылан–үпү жылан, кырк баштуw түймө жылан.*

ҮПҮП *кочк.* кээ бир өсүмдүктөрдүн башындагы үлпүлдөк жумшагы; *какымдын үпүбүн жел үйлөгөндөй үйлөдү.*

ҮПҮПҮШ *жжол.* үпүп; *канаттуwдан: боз таркылдакты, куркулдайды, тоw чымчыкты, ала карганы, бай уwлуну, үпүпүштү көргөм.*

ҮПҮҮ *батк.* үпүп; *үпүү йәм, үпүпүш йам дейвиз.*

ҮПЧҮН *атб.* төшкө туташкан майлуу эт; *төш үпчүнү менен чыгарылат.*

ҮПЧҮҢ *жерг.* төрт такадан турган бир топ; *бир үпчүң така алып, ол үйгө баратдар.*

ҮПЧҮҢДӨТ *жерг.* аттын төрт бутун бирдей такалатуу; *ол атты үпчүңдөтүп онон келердир* (эгерде аттын же алдыңкы колдоруна же бутуна гана така кактырса «такалат», төртөөнө тең кактырса «үпчүндөт» дейт).

ҮР *ал.* «байулу» аттуу канаттуунун үн чыгаруусу; *байуwлу үр–үр этет, онун үргөнүнү укпа.*

ҮРБӨ: үрбө–дарба *атб.* опуроо – топуроо; *үрбөп–дарбап эле кишинин тынчын алат.*

ҮРБӨЛӨҢДӨ I: үрбөлөңдө–дарбаланда *атб.* опуратуу, топуратуу; *үрбөлөңдөтүп–дарбаландатып эмне кыласың?*

ҮРБӨҢ: үрбөң–дарбаң *атб.* уу – дуу; *үрбөң–дарбаң кылбай эле коюш керек.*

ҮРБӨҢДӨТ: үрбөңдөт–дарбандат *атб.* опуратуу, топуратуу; *үрбөңдөтпөй–дарбаңдатпай кел.*

ҮРГӨК *ал.* үрөнөөк; *шул ит үргөк чыкты.*

ҮРГӨН *жерг., өзг., лейл.* үйрөнүү; *өнөр үргөнүп кеген.*

ҮРГӨТ *батк., жерг., лейл., өзг.* үйрөтүү; *эч кимге жәмәндик үргөтпө, үргөтүш әм жәмәндиктин бири.*

ҮРГҮ I *акт.* жымжырттык; *чар тарапты үргү басты.*

ҮРГҮ II *ал.* үргүч; *ит үргү болуп баратыптыр.*

ҮРГҮ III *пам.* иленде; *үргүвөй, жылкыдан тандап тай кармасын.*

ҮРГҮЛ *ош.* үйрүлүү; *үргүлүп–жалынып келип, невересин койо берди.*

ҮРГҮЛДӨ *ноок.* үргүлөө; *чакан эдең, үргүлдөвөй отур.*

ҮРГҮЛЖҮ *чүй, өзг., ичк.* бүт, жалпы, чогуусу менен; *үргүлжү жасаш кыйын.*

ҮРГҮЛӨ *жжол., лейл., батк.* жалынганда айтылчу сырдык сөз; *ох, үнүңдөн үргүлөйүн.*

ҮРГҮЛСҮН *батк.* өтө жакшы; *рәсә күлүң үргүлсүн экен.*

ҮРГҮЧ *батк.* эшиктин илгичи; *эр–от, жан–от деген, үргүчтү оңдоп бер.*

ҮРКӨЛ *жерг.* төө куйрук аттуу өсүмдүктүн түбү; *төw куйрукта алтыдан үркөл болот.*

ҮРКӨЛӨҢ *ыск.* үркүн; *эл үркөлөңдөн илгери көргөм.*

ҮРКӨН *тоң.* үркүн; *үркөндө кара сарык болуп* (боору эзилип кеткен ооруу) *каза болгон.*

ҮКӨӨК *зам., батк.* үркөнчөөк; *үркөөк ат кишини жыгытат.*

ҮРӨ *чүй, суз.* начар, болбогон; *бу эмне деген үрө жышаан эле, кокуй.*

ҮРӨГӨНЧ *алб.* үрөөнөк; *үрөгөнч итиң итейиңки тартып калыптыр.*

ҮРӨГӨЧ *батк., ал.* үрөөнөк; *онун ити болбогон үрөгөч.*

ҮРӨЛ I *батк.* бир үйүр мал; *үрөл-үрөл болуп жүрөт.*

ҮРӨЛ II *акт.* ашып – ташып кетүү; *чалкыган жарык үрөлө толуп кетти.*

ҮРӨӨК I *чүй.* саздуу жерге жүрүүчү, узун буттуу, өңү ылайга окшош, түнкүсүн «кыйк – кыйк» деп үн чыгара турган, чоңдугу кекиликтей келген канаттуу; *үрөөктүн балапандары камыштын арасында болот.*

ҮРӨӨК II *ал., батк.* үрөөнөк; *жокорку айылда үрөөк иттер көп боло турган.*

ҮРӨӨН *батк.* үрөн; *пахтанын үрөөнүн чигэ дейт.*

ҮРӨӨҢӘЧ *батк.* үрө бермечил; *биздин ит үрөөңәч, күндүзү уктап кечеси уруп чыгат.*

ҮРПӨТ *карс.* кут, береке; *үйүңдүн үрпөтү учпасын!*

ҮРП *жумг.* кымыз бишкегинин башы; *үрөң-бараңда үрптү оңдоп кирдиңби?*

ҮРПҮЙА *тяньш.* 1. күмүш тыйындан жасалган кооздук (анын төрт бут, үч бут, үч бут үрпүйа деген түрлөрү болгон); 2. *өзг.* жамбы; *ал Ак-Ташка барганда, үрпүйа деп унчуккан.*

ҮРПҮЛДӨК *жерг.* өңү кызыл келип, боюбир метрдей өсүп, көбүнчө кысыр аңызга чыгуучу өсүмдүктүн аты; *үйрө кескен ашыңдан, үрпүлдөк үзгөн колуңдан.*

ҮРТҮН I тал. чачылып – чарпылуу; сапырылуу; *киши келгенде үртүнүп, тыйындын баарын жок кылдым* («үртүл» болуп да айтылат).

ҮРТҮН II: артын-үртүн *түнд.* артынуу; *артынып-үртүнүп жүрө бересиңби?*

ҮРТҮНЧӨК: артынчак-үртүнчө *түнд. артынган үртүнчөгүңөрдү түшүргүлө.*

ҮРҮWЧҮЛ *батк.* үргүч; *үрүwчүл итивиз бар, шонтсе йәм ашык-машыкты эшикке кагып койовуз.*

ҮРҮЖҮ I *жерг.* чоң – чоң тегеретип салынган саймасы бар товар; *үрүжү көшөгө, үрүжү журкан бар.*

ҮРҮЖҮ II *лейл.* мүмкүндүк , убакты; *үрүжү жеткенде, мал алып келет.*

ҮРҮЙКАТ *өзг.* кайра каттоо; *селсевиттер үрүйкат жүргүзүп жүрөт.*

ҮРЎЛ *атб.* кулан өөк; *төшөктөн үрүлдө туруп алам.*

ҮРҮМ I *кочк.* 1. майда тууралып, камыр кошулбай даярдалган беш бармак; *өзүңө бекем бол, коңшуңду ууру тутпа, үрүмүңдү жей бер.*

ҮРҮМ II *жерг.* ийрек сайма; *көйнөктө жөн жака, үрүм жака, кайырма жака болот.*

ҮРҮМДӨ *кетм.* этти «үрүм» кылып тартуу; *үрүмдөп эт берет.*

ҮРҮМЧӨ *батк.* 1. чапандан этегине киргизилген кыйык; 2. эки кат, жука, кийимдин аты; *үрүмчө менен чапандын кайнаса каны кошулвайт.*

ҮС *жерг.* үстү; *үсүңнөн ылдый чәмәләп;* ◊ *же асыдан, же үсүдөн тобокел;* же бар, же жок.

ҮСКӨР *тяньш.* тындыруу, дымытуу; *узакта жүрсө кишнешкен, жакын келсе тиштешкен немелерди үсөрүп кой.*

ҮСКҮ *батк.* жоон шибеге; *үскүнү тап деп ону жолго салыптыр.*

ҮСКҮНӘЛҮW *зам.* колунда бардар; *ол үскүнәлүw босо йәм кәттэ башыны кичик кылып келе берет.*

ҮСӨН: сасык үсөн *ар.* ысык – кургак талаада жашоочу жандык; *сасык үсөндү Төө-Мойундан көргүмүн.*

ҮСӨНҮ *зам.* 1. өзү, даамы өтө ширин коондун сорту; *үсөнү коон деп ozзум ozруду* (жададым) (бул коонду «тордомо» жана ичи кызыл «әбдиллә коон» деген коондон айырмалоо үчүн айтышат); 2. агыш, кара түстө келген сүйрү, даамдуу жүзүмдүн жалпы сорту; үсөнү жүзүм жегенче кетин; **кара үсөнү** *лейл.* «үсөнү» жүзүмүнүн өнү кара түрү; *кара үсөнүнүн жаныда отурар экен;* **көлтә үсөнү** *лейл.* кичирээк келген тоголок жүзүмдүн бир сорту; **сары үсөнү** өнү сары, сүйрү жүзүмдүн сорту; **узун үсөнү** *лейл.* сүйрүрөөк келген саргыч, жылмакай жүзүмдүн сорту; *узун үсөнү йәм аманат жанга пайда экен.*

ҮСӨТ *батк.* пыр – сыр; *үсөт–пүсөтүнү тазалап кой.*

ҮСТӨМ *ноок.* кери, тескери; *иштин баары үстөмүнөн кетпесин.*

ҮСТӨМӨН *чатк., тяньш.* көмкөрө; *төшөккө үстөмөнүнөн кулатты.*

ҮСТӨМӨНЧӨ *жерг.* үстү жагынан; *кашык үстөмөнчө түшсө, не болот?*

ҮСТӨМӨНДӨ *жерг.* көмкөрөсүнөн жыгылуу; *үстөмөндөп жыгылса эсеп болбойт.*

ҮСТҮК I *жерг.* кыздын тоюна жумшала турган каражат; *кыз тойуга үстүк алдың.*

ҮСТҮК II *түшт.* үздүгө оттоо; *үстүгө жеп, көккө тойуп.*

ҮСТҮН *жерг.* үстүнкү; *тегирменде үстүн таш, астын таш өкөw болот.*

ҮСТҮР *пам.* жогор жак; *үстүр жагыга көчөт түшөт.*

ҮСҮМДҮW *батк.* өндүү – түстүү; *жоw богонуң онон бат, эл болгонуң мынан бат, үсүмдүw ле жигит шонтеви?*

ҮСТҮНЧҮЛҮК *пам.* астын – үстүн болгондук; *астын–үстүнчүлүк болгондо кыйын эде.*

ҮТ: ат–үтү *ыск.* аты – жөнү; *аты–үтүмдү жазып жибердим.*

ҮТӨЛӨК *кочк.* шоңшойгон; *килейген эле үтөлөк экен.*

ҮТҮГҮЛӨ *чүй.* майдалап тынбай жамгырлоо; *жаан үтүгүлөп жаап турат.*

ҮҮЛӨ *батк.* тутантуу; *өчүп баратса, үүлөп койот.*

ҮҮРӨН *батк.* үйрөн; *таар сокконду үүрөнүп алдым.*

ҮЦ *баткч.* үч; *үц таш келет арасы.*

ҮЦҮН *баткч.* үчүн; *болорман жигит адаты эл үцүн иштейт жәшинән.*

ҮЧАЙАК *зам.* салаа байлап өскөн, өзү кичине келип, бутагын сындырып жешке жарай турган өсүмдүктүн аты; *үчайактын шагыны ала гел.*

ҮЧАЛАКЕЙ *тал.* беш таш ойнунда жердеги чачылган үчөө; *үчалакейи башка, илиги башка.*

ҮЧӘЛӘСИ *жерг.* үчөө тең; *үчәләси тен шайыр.*

ҮЧБААШ *пам.* тандайлаштырылып согулган көчөт, сайманын бир түрү; *үтүрбаажынды койуп, үчбаашты сого бер.*

ҮЧБУЛУҢ *чатк.* күлчөтайдын камыры үч бурч түрүндө кесилип бышырылгандагысы; *үчбулуңга бир–эки тукум кошот.*

ҮЧКАМЧЫ *тал.* оюн учурунда женилген адамды өрүлгөн жоолук менен үч жолу чаап жазалоо көрүнүшү; *үлүштө үчкамчы деле берип койот.*

ҮЧКАШКА *ыск.* бүркүттүн төбөсүндө үч агыш белгиси бар түрү; *үчкашка деген да бүркүт бар.*

ҮЧКОЛ *батк.* кубалашып ойноодо үч ирет качып, кармоо кырдаалы; *онон үчкол кылавыз, иләвизим әлә!*

ҮЧКОРГОЛ *батк.* алты уя жасалып, ар бирине үчтөн коргол салып, анан эки киши бири – бирине көчүп ойногон оюндун аты; *үчкоргол деген ойун болчу эде.*

ҮЧКҮ *тяньш.* көзөгүч; *үчүкөнүн үч*

уулу үчкү тартып отурат, айры сакал атасы атка минип отурат, тоголок кара баласы суура тойбой отурат (таб. тулга, казан, кумган).

ҮЧМӨӨРӨ *чүй.* жүгүрүп ойногон ар кыл оюндардагы оюн чеги; *этегиң жетпесин, үчмөөрөгө жүгүр.*

ҮЧНУҢКУР *батк.* он сегиз кг. өлчөмүндөгү салмак; *үчнуңкур ун сатып алдым.*

ҮЧӨМ, ҮЧӨWҮ *жерг., лейл.* үчөө; *үч жүз алтымыш бешке кирген бир жуван, кырк сегизде кызы бар алла таалам тааныган, он эки уwлу бар, тогузунун пейли жакшы, үчөwдүн пейли жаман* (таб. бир жылдагы 365 күн, 48 жума, 9 ай, жаз, жай, күз жана 3 ай кыш).

ҮЧПАЙ *жерг., батк.* үч тапан ойну; *бизде дувант, үчпай ойношот.*

ҮЧТИШ *пам.* төрт жашка чыккан аркар, кулжа; *үчтиштин кени кайда экен?*

ҮЧТҮК *атб.* чакмак таш ойнунда таштарды үч – үчтөн жыйнап терип алуу учуру; *бирлик менен экиликтен кийин үчтүк болот.*

ҮЧТЫРМООЧ *жерг.* чаңгек, чеңгел; *биздин үчтырмоочту кошунавыз алып кетти ле.*

ҮЧҮК *тяньш.* боз үйдүн уугунун үстүнө жаап коюучу кичине кийиз; *үчүктү тартып салып, санавай санын билем деве деди* (эсиң менен иш кыл).

ҮЧҮКӨ *тяньш.* асма, можу, тулга; *үчүкө, үч ооз; купка дегендерди жасай берчү эле.*

ҮЧҮЛҮК *суз.* 1. үч ача айры; *карганын канатыга байлап болсо да жүгөр – деп, үчүлүк менен качырды*; 2. *атб.* чакмак таш ойнунда таштарды үчтөн алуу учуру; (кээде ал «үчилик, үчтүк» деп да аталат); **үчүлүк сакал** *чүй.* үч ача сакал; *байбичем сен, үчүлүк сакал кайниңди балта менен мууздадың.*

ҮЧҮМ *түнд., эск.* кыштын күнү бир кур адам ойной турган чүкө ойнунун бир түрү (бул оюнду мандаш токунуп отуруп, көбүнчө чыймыл менен беш киши ойнойт. Чүкө калчаган киши төрттү, беркилер бир – бирден калчайт. Төрт чүкө бирдей бөгө, чиге же алчы – таа түшсө утат. Уткан киши уттурган адамды оюн – зоок үчүн ар кыл жазага буйрат. Мисалы, караңгыда арыктагы суудан чакага сузуп кел, кошунаныкынан идиш алып келип кайра алып бар деген сыяктуу ж.б. Оюнда «үч» деген сөз «беш» деген маниде айтылат. Азыр бул оюн эскирип ойнолбой калды).

ҮЧЧОКУ *акт.* күлүк жылкынын чычаңы көтөрүңкү, соору менен чаткаягы кең тукуму; *үччокуга үч тилик* (эндин бир түрү) *салган экен.*

ҮШ I: үш – үш *батк.* эшекти тынчтантып токтотуу; *үш – үш! эшекти токтот.*

ҮШ II *жерг., түшт., тяньш.* эс; үш кетип калат эси оойт; **үшүнөн ажырады** эстен танды; **үшүнө келди** эс – учу жыйылды; **үшү кетти** эстен ооду; **үшүнө кир** көзүнөн чаар чымын учур.

ҮШӘР *лейл., өзг., ал.* сак, кыраакы; *ол өтө үшәр.*

ҮШВҮ *батк.* бургу; *ону азыр пәрмә дешет, илгери үшвү дейт эделер.*

ҮШЕНЧИК *лейл.* өтүкчүнүн майда – чүйдө нерсе сала турган үкөкчөсү; *үшенчиктеги мыкты ол.*

ҮШКҮ I *лейл.* куу, амалкөй; *үшкү да секичекти үстмө – үст кылып жасаган экен.*

ҮШКҮ II *зам.* 1. сымдан жасалган тешкич; *үшкүнү кызытып, жыгач теш;* 2. *жжол.* увазир – хан чүкө ойнунда жеңилген кишинин алаканын сырт жагынан сөөмөй менен сүргүлөп жазалоо ыгы; *үшкү кылып жазала;* **пәрмә үшкү** *жерг.* жыгачты чоңураак кылып тешүүчү буроо; *чигненин кочкорогун дәрмә үшкү менен тешсе болот.*

ҮШКҮ III: үшкүдөй болуп отурасыңбы? *кочк.* далдайып отурасыңбы?

ҮШКҮЛДҮК *батк.* ышкырык; *эким–эңке, үчүм–үшкүлдүк, төртүм–төшөк бешим – бекшик...*

ҮШКҮЛҮК *лейл.* куулук, амалкөйлүк; *үшкүлүгүнү карасаң онун.*

ҮШКҮРҮК *алб.* ышкыргыч; *балдар үшкүрүк ойноп жатат.*

ҮШКҮШБАЙ *жерг.* тулга; *үшкүшбайдын үч үчлу үшкү тартып отурат, андан каган бир үчлу дөңгө чыгып отурат* (таб. тулга, анын буттары жана казан).

ҮШМӨК *батк.* 1. түйдөк ороочу жыгач; *түйдөктү үшмөккө оросо, кайтып жандырганда чатышпайт;* 2. *ыск., кочк.* түйдөк түргөндө ортон колго илип алуучу чүпүрөк; *үшмөгүңдү чыгарып, конокту узат.*

ҮШӨ *ош.* көңүл улоо; *сапар кетсе, ого көңүл үшөт.*

ҮШТӘЛӘ: үштәлә–үштән *батк.* бийге көнүктүрүүдө айтылуучу сырдык сөз; *апа, кызың үштәлә–үштән кылып жатат.*

ҮШТҮМКУРТ *батк.* үчтүн бир бөлүгү; *чын кушум, чындан кушум, чың төвөгө конгон кушум, тумшугуну жерге салып, калкка сәләм берген кушум* (таб. самовар) *не?, ону тапсаң, үштүмкурту сеники.*

ҮШҮЙ *чүй.* сестенүү; *ал кетенчиктеп үшүйө түштү.*

ҮШҮТ *зам.* коркутуу; *бервесин деп үшүттү.*

ҮШҮЧӨӨК *чүй.* үшүкчөөл; *ал торпок үшүчөөк теле.*

ҮШШ *батк.* эшекти токтотууда колдонулчу сырдык сөз; *үшш–үшш дең, ол токтоп калат.*

– Ф –

ФААМДА *жерг.* баамдоо; *әсти фаамдавадым.*

ФАНА *пам.* көп, жык, мол; *түү, балык деген неме фана.*

ФАРАМУШ *жерг.* эстен чыгып калгандык; *кечегилерди апкелем деп фарамуш кылыпмын.*

ФАРДА *жерг.* макул, ыраазы; *фарда кылса ала бер.*

ФАРК *жерг.* түшүнүк; *пышпаган тарвыз ава, фаркың болсо.*

ФАШ *жерг.* селденин жаак ылдый түшүп турган учу; *сәлләнин фашы бир кулач ко.*

ФӘЗИЛӘТ *зам.* жакшы жорук, адат; *онун фәзиләти жүдә жакшы дә.*

ФӘЛӘК *жерг.* бийик, эгиз; *өзүнү өзү фәләккә теңейт*; **асман фәләк** *жерг.* бийик асман; *топту бир тептим еде асман фәләккә чыгып кетти.*

ФӘРИДӘ *жерг.* таасир; *әр гәптәри вар экен фәридә кылат.*

ФӘРМӘНИ: бә фәрмәни худа *жерг.* капарсыз.

ФӘСӘ *жерг.* тири укмуш; *түгөнгүр фәсә болуп альпсың да.*

ФИЛ *жерг.* пил; *узактан келген фил, cowрусуну тил, мәәнисини бил* (таб. коон).

ФИЛФӘЛӘ *жерг.* араңдан зорго, араң дегенде, эптеп – септеп; *агылывызды филфәлә кылып бүтүрдүк.*

ФИРИБГӘРЛИК *жерг.* алдоочулук; *фирибгәрлик кылган жәрәвәйт.*

ФИТНӘ *жерг.* ичи тар; *ол фитнә бала.*

ФИТНӘЛҮW *жерг.* кектүү; *жүдә фитнәлүw киши.*

ФОКТӘК *жерг.* бактек; *бир вахта жерге ки түшөөт, барып ки караайм, бир фоктәк экен.*

ФОРДУМ *жерг.* куюшкан; *ылдыйда эшектин фордуму үзүлүп кетти.*

ФЫШЫЛДАК *жерг.* бышылдак; *фышылдак–фышылдак, үстүдө, кайнар булак* (таб. мурун, көз).

– Х –

ХА I *жерг., батк., зам.* 1. мейли; *ха ахы өзүң билесиң*; **ха анан** ошондон кийин мейли; 2. сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүн байланыштыруучу байламта; *ха ол, ха сен келсең болот.*

ХА II *жерг.* кубат кылуу, дем берүү маанисин туюндуруучу сырдык сөз; *ха? – деген төөгө мәдәт; ха, бас!* *жерг.* устачылыкта устанын шакиртине кайрылууда колдонулчу сөзү.

ХАА *жерг.* куп, абдан; *хаа, бызгыды йаа.*

ХААДА *жерг.* жоруқ; *онун хаадасы пулгаары кылат терини.*

ХААРЫ *жерг.* 1. кары, картаң; *ахмака аарыганыны билвейт, көсөөw хаарыганыны билвейт же ат ааарыганын билвейт, бөөрү хаарыганыны билвейт* (мак); *хаары билгенди бәәри билвейт* (мак); 2. соолуп кургап калган көл, орду; *о жер хаары көл* (Жерге – Талдагы Пүтө – Көлдүн жанында көл болуп кийин соолуп калган имиш); ◊ *бәә хаарыса – көл, сийир хаарыса – чөл* (мак); *жәштән хата кетээр, хаары кечирээр* (мак); *хаарыдан алкыш алсаң – озосуң, хаарыдан каргыш алсаң – тозосуң (мак);* ◊ **хаарып койулбаптыр, ачып суйулбаптыр** өзгөрүп кетпептир, баягыдай эле экен.

ХААРЫЛЫК *жерг.* карылык; *жаштыктын ахыры – хаарылыктын башы.*

ХАБХАБ *жерг.* өгүздү кайруу үчүн айтылган сырдык сөз; *хабхаб деп балтыры созулган* (зоруккан).

ХАВ I *жерг.* уйку уктагандык:, *хары билгенди бәәри билвейт десең әм балага хав бер.*

ХАВ II: хав–хав *жерг.* иттин үргөндөгү үнүн туураган сөз; *хав–хав деген тайгандын үнү угулду.*

ХАВА *жерг. обоо хава учкан бүркүттөй ак зowго карап конуп әл.*

ХАВАДАН *жерг.* куру; *хавадан сүйлөй бервегин ахы.*

ХАВАР I *жерг.* демди кызытуу үчүн айтыла турган сырдык сөз; *атаа ... хавар, атаа ... хавар деп кыйкыршат.*

ХАВАР II *жерг.* кабар; *өлөрдөн хаварым бар, арамдыктан хаварым жок;* **мурдунун тэги не болгону менен хавары жо** ары жок деген мааниде; **жердин чукурудан хавар келет, гөрдөн кевейт** тирүүлүктөн үмүт үзбө, тирүү жандан кабар болот деген мааниде.

ХАВАРКӘШ *жерг.* кабарчы; *сен шу хаваркәш бедең?*

ХАВАС *батк.* сый, урмат; *талаада жүргөндө хавас кылып жүргүлө.*

ХАВЛА *жерг.* халба; *бир хавла буудайым бар жеген менен тойбойсуң* (таб. адамдын сөзү) **ак хавла** майды аябай күйгүзө дак кылып, ун жана кант салып, 2 – 3 саатка аралаштырып кууруп жасалган тамак; *ак хавла жасаганда үйгө эч кимди киргизбейт, киши кирсе бузулат дейт;* **кызыл хавла** унду майга кууруп, андан кийин кичине суу кошуп жасаган тамак; **нан хавла** жаңгактын маңызы кошулуп, жумшак жасалып, нан катары желе турган түрү; **сапал хавла** май менен тамактануу үчүн соку канттай катуу, сүйрү жасалганы; **тар хавла** «халва» тамагынын бир түрү; **таргыл хавла** ар кыл маңыз кошулуп жасалган түрү; *«халва» деген менен оwуз чүчүвөз* кур оозго көңүл тойбос; *хавланы хәким жеди, кәлтәкти жетим жеди* айран ичкен кутулуп, челек жалаган тутулду; *хавла деп канча бакырба, баары бир оwзуңа ширин татывайт* канча какшанган

менен колунда болбосо, биле албайсың; *савыр кылсаң, хам городон хавла пышар,* сабырдын түбү – сары алтын.

ХАВУС *батк.* күз айы; *даректарга хавус суw койсоң, пайдасы бар.*

ХАВЫР I *батк.* кыпын; *хавуз, хавуз үстүдө – булак, булак үстүдө хавыр.*

ХАВЫР II: хавыр–шывыр *батк.* дуу, оюн – зоок; *күлкү, хавыр–шывыр болсун!*

ХАДА *жерг., зам.* 1. куу шыргый; 2. шиш казык; *хадага бәйләп койуптур;* 3. *жерг.* чийненин тике – тике коюлган узун жыгачтары; *этийәт кыл, хада сынып кавасын;* **кайырмак хада** *жерг.* кайырмак сап; *кайырмак хадаң барвы?*

ХАДДЕП *жерг.* адеп; *хаддеп эле бакыра бере векен?*

ХАДМЫ *жерг.* бала эки – үчкө чыкканда берилүүчү той; *бу баландын хадмысыны качан бересиңер?*

ХАДЫМ *батк.* салт; *бу чапанды хадым хаадага кийип турайын.*

ХАДЫРДӘН *жерг.* кадырлуу, кадырман; *хадырдәним, Селкихан, катташкан жарың биз мунда.*

ХАДЫРШАТ *жерг., тар., эск.* эшен болгон адамдын устатынан алган күбөлүгү; *тийиндин хадырыны билвеген сомдун хадырыны биле веде – деп, хадыршатты бервептир* (азыр мындай күбөлүк эчак эле жоюлган).

ХАЖЫР *жерг.* арачы; *мен шунча хажыр салсам әм әйтиштәрини токтотподулар.*

ХАЙ *жерг., зам.* 1. ай, ой деген маанини түшүндүрүүчү сырдык сөз: *харыз алышта хай–хай, пул бериште бой–бой; 2. пам., жерг.* мейли, же; *жакшылык кылып суwта сал; хай балыгы билсин, хай халыгы билсин;* 3. ошондой жакшы; *хай адамсың дә.*

ХАЙАЛ *жерг.* ой, санаа; *жаман арава жол бузат, жаман хайал үй бузат.*

ХАЙЛА *суз.* айла, ык; *куп хайласын келтирипсиң.*

ХАЙРАН *жерг.* айран таң; *Асан катты окуйт у, хайран калат.*

ХАЙТ *жерг.* үндөө, дүрдүктүрүү; иретинде айтылчу сырдык сөз; *хайт де, у–у–у–у, хайт–хайт!*

ХАЙЫЛ I *зам.* таң калгандай; *Әшмәтти рәсә хайыл кылып жыгытты.*

ХАЙЫЛ II *жерг.* макул; *саман жаккандын колу тынбайт, атала ичкендин owзу тынбайт, кой кайтаргандын путу тынбайт дегенге хайыл.*

ХАЙЫР *жерг.* болуптур; *хайыр, жакшылыгымды билвесең, сакалыма койом.*

ХАЙЫРЛУW *жерг.* кайрымдуу; *хайырлуw иштин кечи жок* (мак).

ХАК I *жерг.* укук, акы; *сенин дә сүйлөшкө хакың бар.*

ХАК II *жерг.* ак, чын; туура; *хак нахак, бовойт.*

ХАКАТТАН *жерг.* чындыгында; *хакаттан келген эде.*

ХАКЫДА *жерг.* 1. дартында; *ону көрсө, хаваз кылыш хакыда болоттор:* 2. тууралуу, жөнүндө; *хайрат кылгыла, достор о хакыда.*

ХАКЫК *жерг.* жалпак, кызыл мончок; *санговдо иштеп жүрүп хакык ап бергем.*

ХАЛ *лейл.* эки каштын ортосуна, же таноонун эки жагына, беттин отуна, болбосо ээкке курч бычактын учу менен из салып, кийин боёк түшүрүлүп жасалган жасалма мең; *халдын бойогуну койдун майыга ыш аралаштырып жасайт.*

ХАЛАЖАЙ *зам.* даараткана; *халажай үйдүн артыда.*

ХАЛАС *жерг.* бир гана, жалгыз; *жумушка өзүм халас барып келдим.*

ХАЛВАН *жерг.* жалтылдак товардан жасалган кымбат баалуу көйнөк; *атам базар барганда, халван көйнөк алганда.*

ХАЛК *жерг.* калк; *Халавай аттан жыгылды, халк әлини жийдирди* (таб. казан – тулга, идиш – аяк).

ХАЛТА *жерг.* 1. чөнтөк; *халтада бир нерсе барвы?*; 2. баштык; *бир халтада бywгайым бар, жеген менен түгөтө авайм* (таб. адамдын сөзү); 3. *өтм.* жумшарып эзилип кеткен нерсе; *кowун кээде халта болуп кетет;* **боз халта** *пам.* койдун жүнүнөн токулган, баштык; **жан халта** *жерг.* 1) каптал чөнтөк; 2) жанга алып жүрүүчү баштык? *жан халтасы бовосун*; **кир халта** кир – гок же эски – уску чүпүрөк салынуучу баштык; *кир халтанын owзуну ач;* **нан халта** нан салуучу баштык; **төш халта** төш чөнтөк; *төш халтасыдан сywруп чыгат;* **туз халта** туз баштык; **шор халта** *батк.* сетка; *тор халтаң калыңбы?*; **чай халта** *жерг.* чай салуу үчүн кооздолуп жасалган баштык; **чака халта** тыйын салып коюучу баштык; ◊ **халта какты** *батк.* эң кенже бала; *халта кактыга үйрөтөм.*

ХАЛТАЛАҢ *жерг.* шишимексип калган урчугуй нерсе; *тамагы халаталаң экен.*

ХАЛТЕК *пам.* үбөлүк; *шол жыгачтан халтек жасап бер.*

ХАЛТЫС *батк.* өтө тойгондук; *халтыс болуп кеттим.*

ХАЛЫ I *жерг.* бош; *бул мәшинә өзү халы эле келиптир.*

ХАЛЫ II *ноок.* окчун; тынч; *халы жерге мейманларды отургуз.*

ХАМ I *жерг.* 1. суутулбаган; *хам ат бардыр – онон хайван жакшыдыр;* 2. жоор; *хам арка ат экен.*

ХАМ II *суз.* же; *хам карowул болот, хам башка болот.*

ХАМ III *жерг., зам.* 1. муздак, чийки; *сыйырдын сүтү хам*; 2. көк, быша элек; *хам тарвуз тура*; 3. *өтм.* ак кол; *чиләвшинди апкеле аваган хамбы;* 4. борпоң; *хам гөш адам.*

ХАМАША *жерг., зам.* дайыма; *ол хамаша жөн сүйлөйт.*

ХАМЗАРА *пам.* тартынчак, өтүмсүз; *owзумдун әви ажыравады дейт, хамзара байкуш.*

ХАМОМ *карс.* мончо; *көр базарга барвас, кәл хамомго барвас* (мак).

ХАМПА *жерг.* 1. үйдүн бир жак капталына салынган эгин сактагыч (ал чоң, узун салынып экиге бөлүнөт, бир жагына ун, бир жагына бүкүлү эгин коюлат); 2. күрүч актай турган жуваздын дан салгыч долусу; *шаалыны хампага салат, соку актайт.*

ХАМПАЙ *жерг.* кампай; *хампайып этеги эки, жеңи жети болуп жүрө верет.*

ХАМРАК *зам.* жолдош, курбу, теңтуш; *маңа хамрак бол, Зәәминге базарлап келевиз.*

ХАМТАМА *ичк.* 1. жүрөк заада; *барвасам, хамтама болот*; 2. ич көптү; *ол үйүвүзгө келвесе, хамтама боловуз*; 3. көңүл оорутпоо; *ич качан хамтама кылвайт.*

ХАМЫ *лейл.* карапайым, букара; *ол хамы ле адам.*

ХАНАВАР *батк.* барсайып дан алгандык, мөмө байлагандык; *биздин жүзүм ханавар болуп баш алды.*

ХАНАДАР *жерг.* үйлүү – жайлуу; *'ханадар болуп жолго чыксаң – адегенде жолдошуңду бил, үй сатып алсаң – адегенде коңшунду бил* (кылар иштин жөн – жайын байкап, анан жаса).

ХАНАТМАЙ *жерг.* кан талакей ойну; *хам чәйдән кийин ханатмайга киревиз.*

ХАНВАЗИР *пам.* канымдап ойну (Памирде ханвазир ойнунда «ууруну» жазалоонун төмөнкүдөй түрлөрү бар: тилик, дөнөч жарды,

карга чычты, кәкмуш, төw басты, учук сuwруу, аныр гөшү, сокубилек. Азыр бул оюн көп ойнолбойт).

ХАНДА *жерг.* күлкү, тамаша; *атты эшектин ахырыга бәйләсәң эшек болот девечи* (ханда болосуң түзүк эле кишини сыйлабай бузуп алсаң, кор кылып күлкү болосуң деген ойдо айтылчу туюнтма).

ХАНТАКТА *ар.* 1. тамак – аш иче турган төрт бурч жапыз стол; *адам бардыр адамдан ал жакшыдыр, кегиле, хантактага отуралы;* 2. *жерг.* камыр жаюучу тактай; *хамырды хантахтага кессең.*

ХАНТЕВЕР *пам.* илгери дары иретинде колдонулуп келген күрөң түстөгү жылмакай таш; *хантеверди желини оwруган малга сүртөт эде.*

ХАНТЕК *жерг.* өрүктүн эти жумшак, мөмөсү узун сүйрү; өнү кызыл сары түрү; *оо, хантекпи, өлгөндүн оwзуга суw тамызар.*

ХАНХЫС *пам.* балдардын таш менен ойногон ойнунун аты; *ханхысты ким көмсө, ол биринчи чертет .*

ХАНЧАЛЫК *жерг.* төрөпейилдик; *олор ханчалык кылаттар экен.*

ХАПАСА *пам.* чыгаан күлүк; *хапаса жалын өрвөдүң.*

ХАПТА *пам., жерг.* бир жума; *бир күн мурун чачсаң, бир хапта мурун оросуң* (мак).

ХАПТАЛЫК *пам., жерг.* бир жумалык; *бир күндүк жолго чыксаң, бир хапталык азык ал* (мак).

ХАРА *жерг.* 1. басылган эгиндин төрт бурч кылып үйүлүп коюлушу; *шамал келсе, хараны сапырып, кызылын чыгаралы;* 2. самандын үймөгү; *самандар хара–хара болуп жатат.*

ХАРАМ *жерг.* арам; *эшен экен, семен экен, дәйрәнин түвүдөн төмөн экен, шорпосу халал, эти харам* (таб. суу, бака).

ХАРАМЗА *жерг.* жалкоо; *харамзанын карды тойвойт* (мак); ◊ **гәрәң адамга – харамза молло** окшошконго мушташкан.

ХАРАМЫ *жерг.* арамдык: *харамы таап жеген овкат аш бовойт.*

ХАРАП *жерг.* арык, алы жок; *былтыркы харап аттар быйыл оңолуп кетти.*

ХАРӘЛИК *жерг.* бут чалмай; *хар әликте ол әлдирвейт.*

ХАРЖЫ *пам., лейл.* жол кирээ; *карыз кылсаң да харжы кылва.*

ХАРЕК *жерг.* денеге бүдүрөйүп – бүдүрөйүп чыккан оорунун аты; *четен токуп, саман ташып, бәдәнимә харек чыкты.*

ХАРКАШ *жерг.* отун чаап алуу үчүн жасалган курал; *харкаштын савы узун келет.*

ХАРЛА *жерг.* кор тутуу; *чөптү харласаң, көзүңө түшөт* (мак).

ХАРНА *зам.* ар кыл, ар түрдүү; *харна десе бар эде.*

ХАРЧАН *жерг.* бир канча ирет, бир канча жолу, бир далай; *саңа өзү харчан әйтсә йәм фарк кывайт экенсиң.*

ХАРЫ *пам.* капкандын бир деталынын аты; *капканын эки харысы болот.*

ХАРЫТ *жерг.* базар же магазинден ар кыл нерсени көптөп сатып алуу; *базарга харыт кылгалы бараtавысың?*

ХАСА I *жерг.* аса таяк; *аксакалдын хасасыны алып бар.*

ХАСА II: ак хаса *жерг.* даки; *ак хаса жuwуп таптаган.*

ХАСТ *пам.* дарт; *булут көктүн астында, мен ыргалдын хастында.*

ХАСХОР *жерг.* соргок; *әжәп хасхор экен, тым эле дасторхонду гайсады.*

ХАТ I *жерг.* калкып калгандык; *саначтар желдегенден кийин байагы төрт бурчтuw жыгач сuwдан хат болуп калат.*

ХАТ II бийик, эгиз; *жәйлөw хат жер болушу керек.*

ХАТ III *жерг.* чек, адеп; *жүрсөң жүр, лекин хаттан ашык жүрвө.*

ХАТ IV *жерг.* жөө, *мәйдә балдар бир хаттан алып теришсин.*

ХАТА *жерг.* ката; *айалсыз өтүш хата, баласыз өтүш – жафа.*

ХАТАК *жерг.* тегерек сызыктын ортосуна чүкө тигип, анан аларды сака менен чыгара атып, утушуп ойногон чүкө ойну; *хатакта ашыкты сака менен уруп чыгарат.*

ХАТАҢ *жерг.* моюнтурук менен чийненин ок жыгачын байланыштырган жип; *хатаң менен чигинени бириктир.*

ХАТТА *жерг.* жашынмак ойногон учурда жүгүрүп келип түкүрүүчү жер; *о жарыктан бу жарыккача хатта болсун.*

ХАТТАЙ *жерг.* эшектин чоңоюп калган коделеги; *жамандан не жаруw, не каруw хаттайды ал, кете бер.*

ХАТЫР *жерг.* кадыр; *хатырын жам кыл;* үмүтүң үз.

ХАФТУW *жерг.* коркунучтуу; сүрдүү; *онуң хафтуw көрүнөт.*

ХАШПУШ *жерг.* чөп алачык; *хашпуш жаап келдим.*

ХӘ *жерг.* өтө, абдан; *тәгидә турса дә хавар таппайт* (минип жүрүп атын издейт деген мааниге жакын идиома*) ха галаты, адам дә ол.*

ХАВӘЗГӘ *пам.* үлгү; *өлчөсү өзүгө, хәвәзгә кываң.*

ХАВӘЙИ *жерг.* оолукма; *ол киши хәвәйи дә.*

ХӘВӘС *жерг.* эңсегендик; эңсөө; *манавы жаш балдарды көрүп хәвәсим келип отурат.*

ХӘВЛИ *жерг.* короо жай; сарай; *хәвли әлвә кошуну ал.*

ХӘВУЛДӨ *жерг.* жапайы өсүмдүктүн бир түрү; *хәвулдөгө жүтөрдүм.*

ХӘД I *жерг.* чек, өлчөө; *хәдиңдән ашва, бала, owзуңа карап сүйлө.*

ХӘД II *жерг.* шамалдуу, ачык; дөңсөлүү жер; *үйдү хәд жерге салыпсың.*

ХӘДИСӘ *жерг.* кокустук; *хәдисәгә душар болво, хитийәт кыл.*

ХӘЗИЛ *жерг.* тамаша; *хәзилиңди хәзил көтөргөнгө әйт, назыңды наз көтөргөнгө кыл.*

ХӘЗИМ *зам.* аш болгондук; *калакыт бервей жөн отур, ашын хәзим кылып ичип алсын.*

ХӘЗИР *жерг.* сак болгондук; *чикиликтин балалегин ыргытканда хәзир тур.*

ХӘЙ *жерг., пам.* токтотуу, буруу маанисинде колдонулчу сырдык сөз; *әгиз койлорду быйакка хәй кылып кел;* **хәй – хәй** *пам.* ай – ай (арачалоо учурунда); *хәй – хәй, чевердеңиз;* **хәй бәрәкәлләчи** *батк.* бирөөнү обу жок эле колдоп, жагына берген; *хәй, бәрәкәлләчи бовогун.*

ХӘЙӘ: шәрм хәйә *жерг.* уят – сыйыт; *ондо өзү шәрм хәйә деген барвы?*

ХӘЙӘЖӘН: хәйәжәндә кал *жерг.* *таңдан, акыл – эстен тан.*

ХӘЙӘТ *жерг., эск.* ият; *сywсуз хәйәт болбос, мээнетсиз рахат болбос* (мак); **хәйәт ам бир, мухаббат әм бир** ак эт, кара эт, баары бир эт.

ХӘЙИЛ *батк.* 1. таптагандык; *чәйди хәйил кыл;* 2. мырза чалыштык; *хәйил сөгүш кылдың дә.*

ХӘЙИРМӘЗИР *батк.* кайыр кош; *окуттуңар, күйөwгө бердиңер – деп, хәйирмәзир кылдылар.*

ХӘЙЙӘ *батк.* күчөтүп, сүрөп көкүтүп дем берүүдө колдонулчу сырдык сөз; *хәййә хәййә.. әә, Садыр колуңнан, көтөр* (бул сөз улак тартканда, күрөшкөндө, короого бөрү түшкөндө айтылат).

ХӘЙФ *жерг.* өкүнүүнү

туюндуруучу сырдык сөз; *саңа алып берип, хәйф болойунбу?*

ХӘККӘ *зам.* сагызган; *бизде хәккә сайраса, жаман көрөт.*

ХӘЛ *жерг.* ылайдын абдан ийленип жетилгендегиси; *лай хәл болду.*

ХӘЛӘ: бир хәлә *жерг.* эптеп, араң дегенде; *ол чайханачы бар хәлә жүргөн киши экен.*

ХӘЛИ: хәли не кечер. ◊ *жерг. эмне болот, эмне болор экен?*

ХӘЛӘЛ *жерг., зам.* 1. адал; *эшектин күчү хәләл, сүтү хәрәм* (мак); 2. туура; *хәләл иш – ләзәәт иш* ◊ 3. улак тартышта белгиленген чекке улакты таштарда айтылчу сөз; *хәләл–хәләл, азамат тән шунуку*; **мээнетиңди хәләл кылсаң, үзүрүнү көп көрөсүң** саргара жортсоң, кызара бөртөсүң.

ХӘЛВӘГӘР *жерг.* «халва» жасоочу; *хәлвәгәр богон киши хумарпаздан өйдө дә.*

ХӘЛИ I: хәли–сәлилә *батк.* калыстык менен мамиле жасоо; *кәвән да күйвөсүн хәли–сәлилә иш кыгын.*

ХӘЛИ II *жерг.* эмдигиче, азыркыга чейин; *хәлигәчә бир топ ишти бүтүрүп койсоң болот эде күү?*

ХӘЛИГИ *жерг.* баягы; *хәлиги келем деген киши келип кетти.*

ХӘЛИЙЛО: хәлийлонун колу *жерг.* дубал, там соккондо формула түрүндө айтылчу сөз; *дувал соксо хәлийлонун колу колдосун, эгин эксе менин колум менен эмес, дыйкан баванын колу менен дейт.*

ХӘЛЛӘ: әллә–хәллә *батк.* жаш баланы соороткондо, айтылчу сырдык сөз: *әллә–хәллә, әллә–хәллә Әйтпәйим*!

ХӘЛӨWНӘ *жерг.* эптеп–септегендик; *шу ишти хәлөwнә кылып бүтүрөм.*

ХӘМӘЛ *жерг.* жаз учур; *хәмәл кирди – эгиндерге амал кирди.*

ХӘММӘ *жерг.* бүт, жалпы, баары; *хәммәни бир калыпта өлчөбө, билбей туруп бир калыпта болжобо.*

ХӘММӘШӘБАХОР *жерг.* көпкө тамыры куурабай турган өсүмдүктүн аты; *хәммәшәбахор май айыдан кар түшкүчө гүлдөйт.*

ХӘМСӘЙӘ *жерг.* коңшу; *хәмсәйә бүгүн үйүдө жок гочу*; ◊ **алыс туwганнан көрү жакын хәмсәйә илгери** коңшунун коңшулугун, жакындыгын көтөрө чалганда айтылчу туюнтма.

ХӘМШААР *жерг.* жердеш; *өкөwүз хәмшаар турвайвызбы?*

ХӘН: хәнинди ур *батк.* солкулдап күл; *хәниңди ур, рас азамат жигит экенсиң.*

ХӘНИКӘ *жжол.* каныга; *бүт тоwлукка кадыры чоң хәнике.*

ХӘҢГИ *зам.* эркек эшек; *тегирменге хәңгини минип бар.*

ХӘҢГӘМӘ *зам.* аңгеме; *жогуну жәширәт, барыны ашырат деп хәңгәмә курдулар.*

ХӘР *жерг.* ар; *хәр бала–хәр бала, хәр үйдөгү кәл бала* (таб. түздүк).

ХӘРӘКӘТ *жерг.* аракет; *хәрәкәт болсо, бәрәкәт болот* (мак); *бехү–дә хәрәкәт бел сындырат* (мак); **сеннен хәрәкәт, менен бәрәкәт** сен иште, мен тиштейин (какшык).

ХӘРӘМ *жерг.* тегирмендин кулагын көтөрүүчү куралдын аты; *каргыш тийген хәрәм экен.*

ХӘРИП *жерг.* арып, тамга; *хәрипти жаман жазат экенсиң.*

ХӘС *жерг.* түк, эч; *жүр десем хәс болводу.*

ХӘСӘГИ *жерг.* женилдик; *хәсәги алып жәмән көнбө.*

ХӘСИЛДҮW *жерг.* түшүмдүү; *хәсилдүw жер өңүдөн, акылдүw сөзүдөн билинет.*

ХӘСИС *жерг.* сараң, ач көз, бите – карын; *хәсис адамның пулудан көрү асмандагы жылдыз жакыныраак.*

ХӘСИТ *зам.* сук; *душмандар хәсит кыган.*

ХӘСРӘТ *жерг.* муктаж, зарыл; *жүдә хәсрәт эдем, кыймат болсо да алдым.*

ХӘТ I *жерг.* сырдык сөз (бирөөнү экинчи бирөөгө тукурганда колдонулат) *хәт–хәт кылса, өзүнү өлтүрөт.*

ХӘТ II *жерг.* кыйынчылык; *хәт кылып кетти.*

ХӘТӘК I *жерг.* тегерек чийин сызып, ортосуна чүкөлөрдү чогуу коюп, алыстан атып ойногон оюн; *балдар хәтәк ойноп жататтар.*

ХӘТӘК II *жерг.* тооккана; *тоwуктарды хәтәктән чыгарып жем салып кой.*

ХӘТИРӘ *зам.* эсте, көңүлдө; *атаң акыда хәтирәмдә кагандары шо.*

ХӘФИЗ *жерг., пам.* жазгыч акын; *ахы ол хәфиз киши.*

ХӘШ: хәфти–хәш *жерг.* ана – мына дегенче; *хәфти–хәш дегенче келип калдыңбы.*

ХӘШӘРӘТ *зам.* жалпы эле чымын – чиркей, кичинекей мителер; *пахтаны хәшәрәт басып кетвесин.*

ХЕЙ *жерг.* эй; *хей, умач ичевисиң?* **хей–хей** *лейл.* чү – чү (жылкыны айдоо. Памирде «пей – пей» деп айтылат).

ХЕЛИ: хели гүм *жерг.* 1. белгисиз; дайны жок: *сен хели гүм болуп, кайда жүрдүң шунча күн?;* 2. үн чыгарбагандык; бир да сөз айтпагандык; *хели гүм эле алып кете веревисиң?*

ХЕШ *жерг.* тууган – туушкан; куда – сөөк; *авал хеш, кийин* (онон) *дарвеш;* **хеш тавар** жек – жаат; *ээ, хеш тавар, урпакка йәм ун керек;* ◊ **башымдын оwруганыдан башым дедим, тэги жат бегәнәни хешим дедим** айласыздан жат кишини жакыным дедим.

ХИЛ *жерг.* урматтуу; *кандай болсо да ол киши бир хил да.*

ХИЛӘ *жерг.* ык, амал; *ээ, бир хилә менен зорго жыгыттым.*

ХИЛӘГӘР *жерг.* айлакер; *хиләгәр адам барсын ки.*

ХИЛДЕ *зам.* кышкы чилде; бүткөндөн кийин дагы кырк күн созулуучу суук убак (бул чилдеге караганда жумшак болот).

ХИЛИМ *жерг.* капрон жоолук; *хилим жүдә тынык экен.*

ХИСЛӘТ *зам.* сыр; *ич кимге сүйлөвөйт, бир хислат бар мунда.*

ХИЧ *жерг.* эч; *хич нерсе көрүнбөдү;* ◊ **хич болвогур** оңбогур; *сен шинчәйи хыйрәни вәрсин ки, хич болвогур;* **хич күрөккө тургусуз** ич бир маанисиз.

ХОВ *жерг.* үймөк; *ховдон сууруп чөп салвайт.*

ХОВАН *батк.* аштоо; *хованга кой үйүлдү.*

ХОВИ *жерг.* жашынмак ойнунда балдар чуркап келип чогулуп кала турган жери; *балдардын бир тову ховиде калды.*

ХОВНӘПӘР *жерг.* кыз – келиндүү үйгө түн ичинде жаңылып кирип барган эркекти жазалап, жыгылыштуу кылуу жөрөлгөсү (ал үчүн мал союлган, тон – чапан жабылган, анан ал адам башка жакка көчүп кеткен).

ХОВНӘПӘРӘК *жерг.* оюндун бир түрү; (бул оюнда балдар экиге бөлүнөт, адегенде бир тобу баштарын ылдый кылып турат, ал фаза «жер» деп аталат. Андан экинчи топтун балдары секирет. Анан берки балдар баштарын бир аз өйдө көтөрөт, ал фаза «ашын» деп аталат. Кийинкилер дагы секирет. Анан «тизе» деген

фаза болот. Андан кийин «бел кырчоw» фазасы келет. Улам жаңы фаза сайын кийинкилер секирип өтүп турат. Секирип өтө албай калганда мурунку бала кийинки баладан баягы фазаларды кайталап секире баштайт. Оюн ошентип улана берет).

ХОВУЗ *зам.* кудук: *Элгек сурашка оwус керек, суw алышка хоwуз керек.*

ХОК *жерг.* түз, ок арык: *хок тавага суw келди.*

ХОКОВА *жерг.* эгиндин биринчи сугаты; *бүгүн бywдайдын биринчи хоковасы.*

ХОКСОР *жерг.* токтоо, жөнөкөй, оор басырык: *агайың хоксор киши экен.*

ХОНДОНЧӘК *жерг.* күлкүлүү; *әжәп хондончәк кыз экен.*

ХОП *зам.* чикиттин балакайын чапканда ага тийбей калса айтыла турган сөз; *хоп деп әйтишини йәм ойун башталардан мурда келишип алаттар.*

ХОО *жерг.* ой – бой; *хоо, кәлди карагъыла.*

ХОРӘ *батк.* огороддун тосмосу; *хорәни мал бузбасын.*

ХОРӘНДЭ *батк.* соргок; *хорәндә киши окшойт, ашты тез жеди.*

ХОРДО *жерг.* ысыкчан болуп катуу ооруган кишиге күрүчтү сууга кайнатып; анан ага «док» куюп бере турган тамак:, *хордого док куйваса, бовойт.*

ХОРЕКИ *батк.* шалынын начарыраак сорту; *хорекинин ашы ончо ле боло бервейт.*

ХОРО I *батк., жерг.* жем – чөптү ылгабай жеген мал; *атың хоро болсо ондо бергени.*

ХОРО II *жерг.* жал кылып үйүп, чогултуп койгондогусу; *саманды хоро кыл.*

ХОРОЗ *жерг.* короз; *баары жердин корозу тең кычкырат* (мак); **хороз кант** ширеңкенин талындай нерсеге короздун элесин берип уютулган таттуу; *сен ээрчибей эле кой, балам, базардан хороз кант алып келип берем.*

ХОРОЛО *жерг.* саман – топонду чогултуу; *хоролоп үйүп кой.*

ХОРОСОН *жерг.* соргок; *тәйәр ашка хоросон* (мак).

ХОРПУШТАК *жерг.* кирпи; *хорпуштак көрдүм.*

ХОРТӘЙ *пам., жерг.* эшектин баласы; *эшек хортәй тywgy.*

ХОТ: хот–хот *түшт.* 1. эшектин айдоодо колдонулуучу сырдык сөз; 2. *пам.* далы таш ойнунда балдар бири – бирин минип темингенде айтылат; *хот–хот деп айтышат, дәли таш ойногондо.*

ХОШ I *пам.* демек; *хош, сен дагы эмне кыл дейсиң?*

ХОШ II *жерг.* бош, куру; *капты хош эле берди.*

ХОШӘ *пам.* кана; *хошә, нанга, чәйгә караңыздар.*

ХОШБАК *пам.* кубаныч; *үкәм тywлуп биз хошбак болдук.*

ХОШЕК *лейл.* отоо чөптүн бир түрү; *хошек пахтанын арасыга чыгат.*

ХОВҮЧ *зам.* уч; *бир ховуч мәкәйи бер.*

ХӨЛ *батк., зам.* ным; *алдыкы жер хөл болуп кетти.*

ХУW *жерг.* адат; *нас чеккен бир хуw.*

ХУДНӘВИС *жерг.* өз алдынча үйрөнгөн; *эки үйдүн ити орто жолдо калды деген худнәвис дә ол.*

ХУДПӘРӘСТ *жерг.* өзүмчүл; *өзүңдүн кәсәлиңди шо кәсәл менен оwруганга әйт десе, худпәрәст боло веде?*

ХУЖАН *батк.* алманын өнү кызыл, ширин түрү; *хужан алмавыз дурус болду.*

ХУКМАН *жерг., эск.* илгери иш текшерип талдагандыгы үчүн

төлөнгөн чыгым; *көптөн койон качып кутулса да, хукмандан эч ким бошоп кутулбаптыр* (Азыр мындай атоо жок, эскирген).

ХУМ *жерг.* чоподон жасалган бөйрөктүү идиш; *олор бир хум тавып келиптирлер.*

ХУМЕК I *жерг., эск.* суур, аюу ж.б. терисинен жасалган бут кийим (маасыга окшош болот да, кончу тизеге жетет, бирок сыртынан галош кийилбейт); *хумек эткендер.*

ХУМЕК II *пам.* көрксүз, жүдөө; *өтө ле хумек неме экен.*

ХУМЕКТЕШ *пам.* жүдөө тартуу; *хумектешпей жакшы жүр.*

ХУНАР *жерг.* кунар; *хунары жок атадан не үйрөнөт баласы?* **хунары учуп калды** *батк.* өңү бузулду.

ХУНАСА *жерг.* 1. зыкым; *хунаса болгур адам экенсиң;* 2. бүлүнгөн; *хунаса богон үй гочу.*

ХУНИК *жерг.* 1. серт, ырайсыз, көрксүз, кебетесиз; *бәшәрәң хуник болсо, әйнектен өпкөлөвө же әгәр үзүң хуник болсо, айнаны өпкөлөвө* (күзгүдөн көрвө); 2. өөн, эрөөн; *узактан келатып, кадырдан кишиникиге кирбесеңиз, хуник болот эде* («хиник» болуп да айтылат).

ХУП *пам., жерг.* жакшы, макул, сонун; *үйгө барың? – хуп;* **хуп чырайлуw** ашкан сулуу; *хуп чырайлуw өзгөчөм, куса болом көрбөсөм;* **хуп эде** *болду эле; эки ойрон бир кетти, эсен келсе хуп эде* (мак); ◊ **жоголгону хуп болду, башыма тар эле** *өзг.* башың баш, багалчагың кара таш; ◊ **гәп десең хуп–хуп, иш десең топ–топ** тамак десең «кана – кана», иш десең «мына – мына».

ХУРАК *жерг.* жемиш; *базарга барып хурак апкелейинби?*

ХУРЖУН *жерг.* 1. бөйрөгү чыгып калган дубал; 2. *өтм.* ордунан чыкпай калган иш (кээде бул туюнтма лакап катары да айтылат).

ХУРСУН *жерг.* ыраазы; *хурсан болуп үйүгө кайтты.*

ХУРУН: кечке хурун *пам.* кеч курун, кечке маал; *кечке хурун ачылды.*

ХУСУЛ *жерг.* пейил; *көрк owзудан, хусулудан көрсүн.*

ХУТТУ *жерг.* куду, нак, дал; *хутту өзү экен.*

ХУТУЛ *пам.* кутулуу; *сөз хутулбайт ченденден, мээнет кетпейт печелден* (мак).

ХУШ *жерг.* кош, жакшы; *хуш келипсиз, мыймандар;* ◊ **вакты хуш** *зам.* көңүлү көтөрүңкү.

ХУШАР *зам.* сак, этиет; *апат көрбөйм десең, хушар бол.*

ХУШБАК *жерг.* ыраазы; *хушбак болуп кетти меймән.*

ХУШЛА *батк.* 1. эске алуу; *хушласаң эрте кел, бехуш болсоң өзүң бил;* 2. *жерг.* көңүл тартуу; *өзүнчө эле көңүлү хушлап каалайт.*

ХУШОВА *жерг.* эгин отоо; *арпаны дүмбүл вакта хушова кылаттар.*

ХУШЧАКЧАК *жерг.* көңүлү ачык, көңүлдүү; *беш–алты адам хушчакчак сухбатташып отургандар экен.*

ХҮЖЖӘТ *зам.* күбөлүк; *хуп карадым – келе берединң, онон хүжжәтиңди берип жүгөрдүм.*

ХҮЖҮМ *зам.* чабуул; *чуркаш ойнунда хүжүм кылганды тебет.*

ХҮЖҮМЧҮ *зам.* чабуулчу; *ол жагы хүжүмчү боло берет.*

ХҮЛЛӘСИ *батк.* мындайча айтканда, туурасын айтканда; *хүлләси, онун әйткәндәри туwры дечи ?*

ХҮММӘТ *зам.* кадыр – барк: *онун иш жәйидә хүммәти жакшы.*

ХҮР *батк.* таза, сулуу; *Саткын хүр богон экен.*

ХҮСҮН *жерг.* дидаар, жамал, жүз; *хүсүнү эсиңди owдарат.*

ХЫ *жерг.* ооба; *чабансыңбы? – хы.*

ХЫВАЛ *лейл.* жазмыш, тагдыр; *маңа таарынба, хывалыңдан көр.*

ХЫДА *жерг.* өтөө; *бу жылы аган пыланыңардын хыдасыдан чыга векенсиңер?*

ХЫЙРА *жерг.* 1. кежир; тил азар; *шынча хыйра барсыңки*!; 2. түрү суук; *онун түсү шинчәйи хыйра*; 3. одоно, орой; *хыйра–хыйра көп сүйлөвө;* 4. арам; *хыйранын иши хыйрада.*

ХЫЙРАЛЫК *жерг.* арамзаалык; *колкоңду кошуп, өпкөңдү чапсаң да хыйралығың хыйра.*

ХЫЙРӘЙИ *ичк.* арамдык; *шинчәйи хыйрәйи иш кылдың ки, ах ашығывыз әлчи турвады.*

ХЫЛ I *пам.* иргелген, тандалган: *койлору жүдә хыл койлор, башкаларда онҷолук жок.*

ХЫЛ II *жерг.* түр, көрүнүш; *кундуз хар хыл болуп көрүнөт.*

ХЫЛАСМАН *жерг.* ак ниет менен бирөөгө берилгендик; *саңа жүдә хыласман эде.*

ХЫМЧА *жерг.* ичке; *хымча бел качарга гөр, бараргга гар таппадывы? – дептир.*

ХЫНА *жерг.* боёо, эндик; *айт, айттан кийин хына.*

ХЫПЧА *жерг.* чыбык, чырпык; *хыпча менен чыпылдатып басып – басып алды.*

ХЫР: хыр–хыр *жерг.* кырылдаган үн; *хыр–хыр хороз, хыр хороз хырман ачар, кыз жигиттер тәңгә чачар, тәңгәләри тешиктен чыга качар, бизге окшогон жигиттер иле качар.*

ХЫРАА I *пам.* куу, митаам; *кийиктер айавай хыраа болуптур.*

ХЫРАА II *батк.* 1. анча жакшы эмес нерсе; *хыраа ун экен*; 2. *суз.* табы жоктук: *тәви хыраа болуп турат.*

ХЫРМАН *жерг.* кырман; *орокто жок, машакта жок, хырманда хазыр жерг.* куру жооп, куру эле баарын даяр дей берген адам.

ХЫТ I *жерг.* 1. жепен; *хыт ашык менен ойнойлу*; 2. тапан, куу; *хыт богон адам экен.*

ХЫТ II: хыт–хыт *пам.* 1. эшекти айдоо; *дүнүйәгә түркүк боло веде, хыт–хыт*: 2. «чикәлдәк» ойнунда жеңилген тараптын «зуусун» бузуу үчүн айтыла турган сөз.

ХЫТТА: хыт–хытта *пам.* эшекти «хыт – хыт» деп айдоо; *эшекчесиге хыт– хыттап жүрөт.*

ХЫШ I *жерг.* 1. көңүл тарткандык; *ожкат ичкенге хышың келип туравы?* 2. жактыргандык; *сен досуңа хыш болдуң.*

ЧӘӘРӘЛИК: тогуз чәәрәлик өзг. эни – узуну 90 х 90см келген жоолук; он чәәрәлик эни – узуну 100 х 100см келген жоолук; он эки чәәрәлик эни – узуну 120 х 120см келген жоолук; *он эки чәәрәлик жоолукту чайкоодон 150 сомго алдым.*

ЧӘВӘДӘН *батк.* сере; *кәмпир кәләгин ороно чыгат* (таб. козу карын) *деди чәвәдәнгә курут жайип жәтип.*

ЧӘВӘНДҮРҮК *түшт.* начар; *кессең узарат, жонсоң жоголот* (таб. ороо) *деген чәвәндүрүк гәп экен.*

ЧӘВӘТИК *батк.* жупка; *чәвәтик жеп, онон кичкинә чарвакты чертип берет.*

ЧӘВГИН *суз.* чайнек, жез чөөгүн; *чәвгиндеги суw кайнай берип, адак болуп калыптыр.*

ЧӘВИЛГИ *чатк.* депкир; *мәәрәкәгә аш казан, чәвилги керек болот.*

ЧӘВКӘР *батк.* карамтыл түстөгү, өзү көп анча чоң эмес, уругу аз, мол түшүм берүүчү дарбыздын сорту; *быйыл чәвкәрдин уругуну алып койгула* («чөвкәр дарвыз» деп да айтылат).

ЧӘВЛӘ *батк.* орунсуз, ылайыксыз, болбогон иш; *чәвлә кылдың да.*

ЧӘВҮЛҮ *базк.* кепкир, депкир; *чәвүлүңдү койо туруң, ача бакан аштадым, энди кезекти сага таштадым...*

ЧӘГӘ I *жерг.* чөк; *бүрөwгө ор казсаң, өзүң чәгә түшөсүң* (мак).

ЧӘГӨ II: чәгә–чәгә *пам.* топозду желеге байлоо үчүн айтылуучу сырдык сөз; *чәгә–чәгә деп ала инекти желеге айдап келди.*

ЧӘГӘЛӘ *жерг.* чөгөөлөө; *мен оннон чәгәләп кечирим сурабадым.*

ЧӘГӘЛӘК *зам.* машак; *чәгәләкти отко йәм жагат.*

ЧӘГӘРТ *жерг.* эчки – улакты бир жакка кайрып тоскондо айтылуучу сырдык сөз; *эчкини чәгәрт!* – *деп әм кайтарат.*

ЧӘДИР *өзг.* кесир; *кишини барк алваган чәдир экен.*

ЧӘЙ *ал.* суюк нерсени чалуу; *аталаны чәйип кой, бөлтөк болуп калат.*

ЧӘЙӘ *ноок.* 1. ачуу чыккан үн; *өл–лүк, тиригиңди гана деген чәйә үн угулду;* 2. *суз.* чаңырчаак; *көп эле кага берсе, чәйә болуп калат.*

ЧӘЙГАКЫ *зам.* сары гүл алган өсүмдүктүн аты; *чәйгакыга барбасаң, үйүңдө чәй ич* (ченеп иш кыл, эркелер жериңе эркеле, мурдуңа карап бышкыр).

ЧӘЙДӨШ *жерг.* чайдоос; *чәйдөшкө чәйди көп кайната бервең;* **мис чәйдөш** жез чөөгүн; оймолуw чайдөш сырты гүлдүү, кооз кичинекей, бийик, ичке идиш; *оймолуw чәйдөш колуда.*

ЧӘЙИ I *батк.* эз; *ак чайырдын желимин кагынга чәйип ичирген.*

ЧӘЙИ II *жерг.* чайкап суутуу; *ысык ашты чәйип ичет.*

ЧӘЙИН *лейл.* кызымтал; *үлпәнгә кошулвай ак төwөнүн карды айрылганда алаар деп чәйин болуп алыптыр.*

ЧӘЙЛӘ I *лейл.* чөп алачык; *чәйләдә кырманчылар сайалап отурат.*

ЧӘЙЛӘ II кырмандын жээгине саман – топон көмүү үчүн казылган ан; *чәйлә силос көмчүдөй жәй, о азыр калып кетти.*

ЧӘЙЛӘ III *түшт.* чай ичүү; *Акмат, чәйләп кет.*

ЧӘЙЛӘ IV *жерг.* 1. ал – күчтөн кетүү; зоругуу; *топоздор чәйләп кетти;* 2. семирбей коюу; *топоз чүрүшүп, суw ичип койуw чәйләп калды.*

ЧӘЙЛӘ V *жерг., лейл., суз., өзг.* бир түптөн, же бир бутактан бүрдөп көп болуп кетиши; *жерге ноовәт*

кегенде ак буwдайы түп чәйләйт (бир түп буудай 20 – 25 чейин сабак байлап кетет), *бакка дәвир кегенде ики булбул тең сәйрәйт.*

ЧӘЙЛИ *батк.* чөөлүү; *чәгәрт, эчкилердин кайтпаганыны караң мә чәйлини, мен олорду кайрайын.*

ЧӘЙНӘМӘ *өзг.* конфет; *мәгәзинден чәйнәмә алып келдим.*

ЧӘЙРИКЕР *пам.* өгөй; *чәйрикерге мончогуну алып берет.*

ЧӘЙЧАКА *зам.* үйгө жумшалуучу майда расход; *кетерде кичи чәйчака тәштән кет.*

ЧӘЙЧИК *батк.* чайдын чамасын куйган идиш; *шаманы чәйчикке куйуң, жерге төкпөй.*

ЧӘК I *ал.* тамчы; *жаан жааса үйдөн чәк таамп кетет.*

ЧӘК II *өзг.* кирпичтин үстүнө кирпичти ылай төгүп бастыра койгондук; *чәк бастырып ур, балам кышты.*

ЧӘК III *пам.* 1. топозду айдоодо колдонулуучу сырдык сөз; *топозду чәк–чәк деп әйдәйт*; 2. түк, акырын; *ол бутташып кетти эде, Акмат әкә чәк–чәк деп койду.*

ЧӘК IV *батк.* кийим тигүүчү кол машинанын кулагы; *мәшинәмдин чәгини оңдоп алдым.*

ЧӘКӘ *жерг.* 1. сүзмөнүн тамчысы; 2. сүзмөнүн калдыгы; **чәкә тамбас** *өзг.* кымызды дем албай, тамызбай жутуу; *чәкә тамбас кылганга чәмәчаркы барвы?*

ЧӘКӘК *жерг.* бутактын чачырап өскөнү; *Абдиллә жон тик турат, балдары чәкәк урат* (таб. терек.).

ЧӘКӘЛ *жерг.* айдоо аянтынын эң бир кичинекей бөлүкчөсү; *айдаган аштыгыбыз чәкәлдә.*

ЧӘКӘЛДӘК I *батк.* тегирмендин барасынан дан түшүрүп тура турган калакча; *жалама ташта кийик ойнойт* (таб. чәкәлдәк).

ЧӘКӘЛДӘК II *батк.* 1. тыттын жалбырагы алынгандан кийинки талы; *чәкәлдәкти ыргытпаса тарвызы сына беде*? (иши ордунан чыкпай калат беле); 2. жаш көчөт; *үч түп чәкәлдәк апкелдим.*

ЧӘКӘЛДӘК III *батк.* тосмо; *чәкәлдәккә торпокту койо бер.*

ЧӘКӘМИК *зам.* карагыз (өсүмдүк); *жолдо чәкәмик бар бекен?*

ЧӘКӘН *ал.* чыттын жукараак келген түрү; *чәкән, ак чәкән, гүлдәри* болот.

ЧӘКӘНӘ I *батк.* суунун кулагы: *чәкәнәгә суw көп бурулуптур.*

ЧӘКӘНӘ II *жерг,* 1. бир топ, бир далай, бир канча; *бүтүн чәкәнә иш кывадыкпы, келип бир көрүп кетсин;* 2. көп да эмес, аз да эмес; *чәкәнә кой багат эдем*; 3. *батк., өзг.* бир аз; *чәкәнә жип берип койуң:* 4. бекер эмес, жөн эмес деген маани берүүчү күчөтмө сөз; *бу чәкәнә киши эмес.*

ЧӘКӘНӘКТӘ *батк.* чамгарактоо; *ол азыр жүдә чәкәнәктәп жүрөт.*

ЧӘКӘНКИ *өзг.* четки; *ол әкәнин үйү о чәкәнки тамда.*

ЧӘКӘР *лейл.* жардамчы койчу; *чәкәри менен Исфәрә шаарыга келет.*

ЧӘКӘС *жерг.* митаам, куу; *чәкәс бала чаптоw кылып кармады.*

ЧӘКӘЧ: күйкө чәкәч *зам.* чымчык жей турган канаттуунун аты; *күйкө чәкәч менен чартак башка–башка.*

ЧӘКИ I *алб.* 1. чатак; *чәки чыгарвай жүрсүн*; 2. орду жок, чеки; *чәки кылыптырсың дә!*

ЧӘКИ II *пам.* куруттун майда тоголоктолгону; *мана шу чәкини жеп а.*

ЧӘКИ III *зам.* тамчы; *илгери үйдөн чәки өтүп кетер эде.*

ЧӘКИ IV: чәки–чүкү *зам.* кобур – собур, ушак – айын; *чәки–чүкү гәп чыгарба, оwузду багып сүйлө.*

ЧӘКИДЕ *зам., эск.* түшүм; *илгери гылдыр чәкидә аган экен.*

ЧӘКИ I *зам.* 1. тамчы; *үйдөн чәки*

өтүп кетпесин; 2. куруттун сарыккан суюгу; *чәкини сүүсунга ичсе болот.*

ЧӘКИ II *зам.* 1. абдан көп; *кар чәки жаады да*!; 2. өтө; *товдун жолу чәки жәмән экен.*

ЧӘКИЛӘШ *алб.* чатакташуу; *ол мерген бәсәвләт, чәкиләшпәйт.*

ЧӘКИЛДӘ I *батк.* жаранын суусунун чыпылдап чыгышы; *жарасыдан чәкилдәп шундай суу чыгат.*

ЧӘКИЛДӘ II *лейл.* чымылдап качуу; *чарчы тапан оймокту алып* (таманы төрт бурч келген оймок) *чәкилдәди.*

ЧӘКИЛДӘК *батк.* 1. кескелдириктин дубал ичинде жүрүүчү бир түрү; *тамбашыда чәкилдәк бовосун;* 2. тегирмендин сыдыргы жыгачы; *тегирмендин чәкилдәгидәй такылдайт.*

ЧӘКИЛҮҮ *алб.* чатактуу; *чәкилүү болсоң да ого көп насаат берве.*

ЧӘКИСАЗ *батк.* какшыктап тамашалоо иретинде «ырас гана болуптур» деген түшүнүктө айтылчу сөз; *шону апкелип чәкисаз кылыпсың.*

ЧӘКИШ *жерг.* бекер, чеки; *Мәлик, чәкиш иш кылыпсың.*

ЧӘКСӘ I *суз., батк., ноок.* алты кг.дан он алты кг.дын аралыгындагы салмакты туюндуруучу сөз; *элүү пакса, эки чәксә, эндиги балдар не кәксә*; а **үйүдө чәксә уну жок там башыда кош тандыр** ары жок; чымчык семирсе әксә кевес; *чымчык семирип батман болвос чымын чоңоюп төө болбойт.*

ЧӘКСӘ II: чәксә–пәксә *батк.* куудул сөз, сатиралык ыр, аңгеме (көбүнчө Тоголок Молдонун «Кемчонтой» аттуу чыгармасына мазмундаш сатиралар; *суу түшкөндөгү чарк әйләнгәндәй чәксә–пәксә әйтәттәр.*

ЧӘЛӘ *жерг.* тамдын ички бурчунан көң жыюу үчүн же козу – улак, музоо байлоо үчүн атайын бөлүнүп коюлган жай; *чәләдәги козу–улак чүчкүрдү.*

ЧӘЛӘК *пам.* чок түшүрүп, ага чайнек коюу үчүн оюлган чуңкур (Памирде кайнаган чай дайыма «чәләктә» турат); *чәләккә чәй койвосоң чанданыны какшатасың.*

ЧӘЛӘМӘ: чәләмә чәки *алб.* аралашып, чалды – куйду болуп бүтпөй калган; *мындан башка чәләмә чәки иш кылва.*

ЧӘЛЭП: чәләп–чәләп *жерг.* шарп – шарп; *чәләп–чәләп деген товуш бар.*

ЧӘЛӘПӘК *батк.* суу менен келип чайкалып калган кум; *чәләпәктән бава сакы, иниси Бакы, тувганы Манаш, Даана, Молло, Калдар өтөт.*

ЧӘЛДИК *лейл.* чулдур; *Гайып чәлдик гәп уруп жатат.*

ЧӘЛИЙӘ *пам.* төбөсү ачык салынган күмбөз; *онауу сенин атаңдын чалийәси.*

ЧӘЛИЙӘЧИ *пам.* күмбөз салган киши; *Кәримәхун чәлийәчи чарыгыны чарымдаткан экен.*

ЧӘЛЖИК *батк.* тантык, бабыр; *бир чәлжиккә жолугуп шондо калат.*

ЧӘЛКӘМ *батк.* чалды – куйду; *чәлкәм чалыш кып жыйвәй тәктийнә кып жийсәң.*

ЧӘЛКӘШ *зам.* 1. оролуу; *чачбагыга чәлкәшти;* 2. чалынуу; *гилемдин живи чәлкәшип калыптыр.*

ЧӘЛКӘШТИР *батк.* аралаштыруу; *мәкә менен бувдайды нимеге чәлкәштирдиң.*

ЧӘЛПӘК *батк.* 1. абдан катуу жыгылып былч дей түшкөндүк, жерге урулгандык; *ону чәлпәк кылып жыгытты*; 2. *зам.* эки колду алмаштыра уруп ойногон оюндун аты; *чәлпәк ойноп әндәләги*

аңкылдайт; а **пәдәриңә чәлпәк** *батк.* атана наалат деген маániде.

ЧӘЛЧИК *батк.* сүйлөөк; *сөздүн баркыга барваган чәлчик.*

ЧӘМӘ *пам.* чама; *бардык чәмә бир чәмә, Сәндәлдин тоwсу бир чейрек* (лакап).

ЧӘМӘН *зам.* жайнап ачылган гүл; *булбул чәмәнини сүйөт, адам ватаныны сүйөт.*

ЧӘМБӘР I *өзг.* мандайга байлана турган сызма чүпүрөк, жоолукча; *чәмбәр байланган катын экен.*

ЧӘМБӘР II *батк.* чырмап байлангандык; *чәмбәр кылып таңып тәшәптир.*

ЧӘМБӘР III *лейл.* улаштырылып өстүрүлгөн; *чәмбәр терек өсө берет.*

ЧӘМБЕРЕК *батк.* тегерек; оромолду чәмберек кылып салат экен.

ЧӘМГӘРӘК *ноок.* жип ийрүүдө жарышып, ким мурун ийрип бүтсө, ал мөөрөй утуп ойногон оюн; *чәмгәрәк ойнуда о кыз утту.*

ЧӘМПӘК *батк.* чач учтук; *чачты алперем деп чәмпәгини түшүрүп алды.*

ЧӘМПӨӨШ *өзг., эск.* илгери эленбеген ундан жасалган нан (көбүнчө тегирменге ун тартканда түнөп калса жасалган); *пакыр менен кедейде чәмпөөш нан богон эде илгеретте.*

ЧӘНӘЧ *ал.* чанач; *чәнәчти алып кел кымыз куйуп койойун;* а **чәнәчи көптү** *батк.* ашып – ташып оолукту.

ЧӘНД *жерг.* канчалык; *чәнд отун апкелдилер?*

ЧӘНДИКЕ *алб.* тамекинин адеп чыга баштаганда кулагы; *тәмәки тиккенде адегенде чәндике таштайт.*

ЧӘНДӨЛӨЧ *пам.* жылкычы чымчык; *былтыргы келген чәндөлөч быйыл да өлвөй келипсиң* (чандүлөчтү адеп көргөндө ырым иретинде айтыла турган сөз. Бул сөз «чәндөлөй, чәнгүлөк, чәнжилеч, чәндөлөч» болуп айтыла берет; **көр чәндөлөч** *батк.* жылкычы чымчыктын башы кара, боору агыш түрү; **сары чөндөлөч** көкүрөгү саргыч, тумшугу ичке, узун; куйругу да узун келген түрү; **чәндөлөч баш** *батк.* соку баш; *чәндөлөч башты суw чактывы?* («башы чәндөлөч; башы чәндөлөчтөй болуп да айтылат); **чәндөлөчүм бери кач** *өзг.* оюндун аты (бир бала бир жерге отурат. Ал жер «очок» деп аталат. Отурган бала көзүн жуумп, башын тизесине такайт. Калган балдар аны аркасына келип муштагылап кетет да, жашырынып калышат. Очоктогу бала «чөндөлөчүм бери кач» деп калгандарын издейт).

ЧӘНЖИР *батк.* чынжыр; *олор келселер, чәнжир менен байлайттар.*

ЧӘНТЕК *ал.* өрүктүн сөөгүн утушуп ойногон оюндун аты; ол өкөwүз чәнтек ойнодук.

ЧӘҢГӘК I *жерг.* 1. эки учу иймекей келип, устун, түркүктөрдү бири – бирине беките турган темир; *пул менен түркүккө чәңгәкти как;* 2. уучулар бутуна тартына турган төрт тиштүү жалпак үзөңгүлүк; *чәңгәктин жакшылыгыдан эгиз тоwго чыкты;* 3. *чатк., ичк.* чеңгел (эт оодара турган тиштүү темир буюмдун аты); 4. *өзг.* чөп сууруу үчүн жасалган учу иймекей эки ача темир курал; *чәңгәк болвосо чөп сууруш кыйын;* 5. *жерг.* бир нерсенин ашталган жерин бекитүү үчүн оролгон жоон сым; *чигененин тәгигә чәңгәк оровосо бовойт;* 6. *жерг.* чананын таман жак бетине кагылган жука калай.

ЧӘҢГӘК II *батк.* отоо чөптөрдүн уюлгуп, чырмалып калган жери; чөп чәңгәк болуп калыптыр.

ЧӘҢГӘКТӘ *жерг.* 1. бир нерсеге «чәңгәк» уруу, кагуу, карматуу, илүү; *чәңгәктәп тәштәсәң мәкәм болот;*

2. *пам.* чеңгелдөө; *шондо дөөw чәңгәктәп туруп ыргытат;* 3. *батк.* чырмалып оролуу; *о чәңгәктәп калыптыр.*

ЧӘҢГӘЛ I *зам., батк.* тикенектүү өсүмдүктүн аты; *чәңгәл өзүну бак ойлойт, жумшак өзүнү бек ойлойт (*мак.); 2. жаш көчөттөрдү тегерете курчап койгон тикенек, чырканак; **ак чәңгәл** өңү боз, ичке, тикенектүү жана бутактуу өсүп, жибек куртунун «пилласын» түрүүгө пайдаланылучу өсүмдүктүн аты; *ак чәңгәлгә чәнжилеч конуп отурат;* **боз чәңгәл** *зам.* мөмөсү бадамдыкына окшош өсүмдүктүн аты; *боз чәңгәлдин түсү боз болот;* **кызыл чәңгәл** боорунан кыска, майда тикенекче алып, бутактары учтуу, жалбыректары сүйрүчө өскөн өсүмдүктүн аты; *кызыл чәңгәл о чәмән гүлдүн нары жагыда турат.*

ЧӘҢГӘЛ II *жерг.* 1. чеңгел; *пүркүттүн чәңгәли зор;* 2. кошууч; *бир чәңгәл бywдай берди;* 3. *өтм.* кол; ол чәңгәлигә таш салды; *пәр чәңгәл жумшак кол; куш–пәр чәңгәл, бүркүт–зәәр чәңгәл* (мак.)

ЧӘҢГӘЛӘК *жерг.* чеңгел; *чәңгәләк менен карма.*

ЧӘҢГӘЛӘКТӘ *жерг.* чеңгелдөө; *чәңгәләктәп чөжөнү алып кетти.*

ЧӘҢГӘЛДӘ I *батк.* «чәңгәл» менен көчөттү карматуу; *бакты чәңгәлдәп бекитиптир.*

ЧӘҢГӘЛДӘ II *өзг.* чеңгелдөө; *бир чәңгәлдәп алса, азайа түштү.*

ЧӘҢГӘЛИ *жерг., эск.* 1. нанды майда туурап жей турган тамактын аты; *чанач чокойду чечип чәңгәлигә кирген экендер* (азыр мындай тамак жасоо өнөкөт эмес); 2. *түшт.* алкагы отуз – отуз беш см., калыңдыгы үч – үч жарым см келип, камыры ынак сүткө же каймакка куурулуп, ага жумуртка чалып, кант, пияз, чык кошулуп жасалган, дандырга бышырылган нандын түрү; *чәңгәлини пышыра билгендер гана жәсәйт.*

ЧӘҢГӘЛМӘ *ноок.* тикенек; *талаага тайак ыргыттым, тава алвасаң чәңгәлмә менен сайамын.*

ЧӘПӘӘНИЛИК *батк.* бейбаштык, ээнбаштык, өжөрлүк; *чәпәәнилиги төтөнчө болду, мойнуң үзүлгүр!*

ЧӘПӘНӘЧӘПТӘР *жерг.* чикит ойнундагы бир кырдаалдын аты; *көк чунактан бетер чәпәнәчәптәр дей бервең.*

ЧӘПӘРӘ I *батк.* чырпыктан кармалган тосмо; *чәпәрәнин ожзун жаап кой.*

ЧӘПӘРӘ II *батк.* арааның мизи; *уста әке, әрәәнин чәпәрәсини чыгарып бериң.*

ЧӘПИЙӘ *ноок.* чоподон жасалган «гөзөнүн» бир түрү; *чәпийәгә сактаган сары майыдан койду.*

ЧӘПКӘЛ *лейл.* шакел; *эшикти тәкилдәтә бервей чәпкәлди жийип кой.*

ЧӘПКӘЛДӘ *лейл.* шакелдөө; *тәкти ле чәпкәлдәгәнгә колум тийведи.*

ЧӘПЛӘ *батк.* өңү саргыч, кабыгында кара тактары бар анжирдин сорту (бул анжыр жылына эки жолдон түшүм берет); *чәплә әнжир сураган ырасса чәпәәни экен.*

ЧӘППӘРӘ *лейл.* чакмак таш ойнундагы бир кырдаалдын аты; *чәппәрәни чала чарпыт алды.*

ЧӘПТӘР *чатк.* ичке; *чәптәр бел экен оо.*

ЧӘР: чәр–чәр *жерг.* ак чөөлмөк ойну; *балдар менен аарыгычам чәр–чәр ойнодум.*

ЧӘРӘ *батк.* чара; *болсо чәрә–чәрә, болвосо бәчәрә; жам чәрә кир жууй турган чара.*

ЧӘРӘЗКӘР: акчәрәзкәр *суз.* жүзүмдүн апаппак, чоң – чоң тоголок түрү; *ак чәрәзкәрди көзүңө бас.*

ЧӘРӘК *батк.* чарык; *биздин чәрәк сиздеви?*

ЧӘРӘПЗӘЛ *суз.* баки; *чәрәпзәл әлвә, колуңду кесесиң* («чарапзал, чарабзал, чарапзар, чалапсар, чалапчаар» болуп да айтылат).

ЧӘРӘС *өзг.* тоголок кара жузүмдүн сорту; *тоголок чәрәс жүзүм өсөт.*

ЧӘРГӘНӘ *пам.* чар тарап; *чәргәнәдәгиләр жамбашыны ташка уруп* (жанын сабап, жанын аябай) *иштедилер;* а **чәргәнәни чалып жүгөрдү** тегеректи астын – үстүн кылды.

ЧӘРДӘГИҢ *ал.* бири – бирине тийишип турган арчалардын үстүнөн жалбырак – салбырак жаап, убактылуу жасалган алачык; *чәрдәгиңдә бир – эки ай жашайт.*

ЧӘРДӘЛИ *лейл.* чардары; чәрдәлини өсүмдүктөн кошуп жасайт; *жәрәт жана тиш оwру үчүн дәри болот* («бужугун» аттуу чөп менен мурч кошуп жасалат).

ЧӘРИМ *өзг.* чоң чыны; *кызым, бир чәримге куйуп келчи.*

ЧӘРЙӘР *зам.* жар – жар; *ой чәрйәр бир болор, оwзумду ачсам ыр болор.*

ЧӘРКӘШ I *жерг.* кежир; *ол чәркәш кетти.*

ЧӘРКӘШ II *батк.* чиркешүү; *мәшинәгә чәркәшип жолго чейин барып алайын.*

ЧӘРКӘШӘ *ноок.* от көсөө; *зәйил болвой чәркәшәни караң.*

ЧӘРКӘШТИК *өзг.* кежирдик; *Исәвәй ардай чәркәштик кылат.*

ЧӘРКЕК *батк.* май, сүт, айран ж.б. идишке куюп, бийикке илип коюу үчүн жасалган буюм; *чәркектеги майга йәм жетиваптыр.*

ЧӘРМГӘР *жерг.* маасычы; *бир дарбоз, бир чәрмгәр жолугат.*

ЧӘРПӘЙӘ *түшт.* тактайдан жасалган төрт бурчтуу кеңири орундук, жай (буга көбүнчө жайкысын отурат, жатат, эс алат); *чәрпәйәси кәттә экен* («чәрпийә» болуп да айтылат).

ЧӘРПӘЛӘК *жерг.* өсүмдүктүн жерге тарап, туш – тарапка чачырап өскөн сабагы; *әнделек эктим чәрпәләк, жеңой, айылдын көркү зор кәләк, жеңой!*

ЧӘРТӘҢ *зам.* кызыган учур; *хәңгәмә чәртәң го?!*

ЧӘРТИШ *батк.* чатышуу; *жүгүр, ат чәртишип калды.*

ЧӘРЧӘ *чатк.* майда – майда бутакты көп чачыраткан, жалбыректары араң тиш келип, гүлдүн ортосунан бүртүк чыгарып, майда кара дан алган жыгач өсүмдүктүн аты; *чәрчәни көрүп, онон кетесилериңби?*

ЧӘРЧӨП *батк.* 1. кандайдыр бир саман, чөп салынган жайдан, орундун жээгине коюлган жыгач; *чәрчөптү оңдоп койуп;* 2. үйдүн шыбагынын тегиздигин билүү үчүн колдонулуучу, узундугу 1, 5 – 2м келген түз, жылма, ичке тактай; *чәрчөп бетиге тегиз тийвесе, түз эмес.*

ЧӘСПӘК *батк.* 1. үйдүн «карысынын» үстүнө кооздоп коюлуучу жыгач; *кәл эчким кыйаны көздөй качат әм дединг, чәспәкти йәм пүтүрдүң;* 2. үйдүн ички төбөсүнө коюлган фанерлерди аштаган жерлерин бекитүүгө колдонулган тактай; *пәнирдин чәспәгини какпаса, чирәйлүw бовойт.*

ЧӘТӘ *өзг.* тебээнек; *чәтә бәәни саадырыш кыйын.*

ЧӘХИЙЕК *жерг.* чака – челектин бир түрү; *доккәш челек, гүл челек, чакчоw челек, чәхийек челек, соку челек, жыгач челек, темир челек, пакыр челек бар.*

ЧӘХӘР *лейл.* чаар; *кара чәхәр жылан.*

ЧӘЧ *жерг.* чач; *чәчим түшсө дәлимә, мышык ийләйт әлимә;* **чәч өрдүрүw** *пам., этн.* келин жаңы

келгенде, анын беш көкүл чачын эки өрүм кылып өрүп, ак жоолук салуу жөрөлгөсү (азыр бул жөрөлгө эскирген).

ЧӘЧВӘК: чәчәлә чәчвәк *батк.* чачы чыгара турган өсүмдүктүн аты; *чәчәлә чәчвәк – дәри өсүмдүк.*

ЧӘЧИК I *батк.* бапик; *туштукка сары чәчик тутса, жакшы жәрәшәт.*

ЧӘЧИК II *батк.* чабылган чөп; *чәчикти жыйна десе йәм болот.*

ЧӘЧИЛӘ *түшт.* 1. келин жаңы келгенде алдын тосуп чыгып, эл – журтка ар кыл майда белек – бечкек чачып таратуу, боорсок берүү; 2. *өзг.* жер – суу тайыганда өрүк, алма жемиштерди кайнатып варенье сыяктуу тамак жасоо; *чәчиләңәр даамдуу экен* (азыр бул көрүнүштөр жоюлган)

ЧӘЧИЛӘБАШ *суз.* пистенин жакшы түшүм албай калганы; *чәчиләбаш чыйвылдай экен.*

ЧӘЧИЛИК *жерг.* чачыла; *кәмпир тойдо чәчилик чәчтй* (өрүк, как, теңге, жаңгак, кант чачылат).

ЧӘЧИЛИКАНА *лейл.* той учурунда тойдун азык – түлүгү, чачыла сактала турган бөлмө, жай, үй; *чәчиликанага чырак куруп бериң.*

ЧӘЧИМСӘК *жерг.* чачууга ниеттенгендик; *күн ачык болсо, карга күл чәчимсәк болдулар.*

ЧӘЧИРӘ *зам.* чакчаңдоо; *чәчирәп чәки сүйлөвөң.*

ЧӘЧПӘПИК *өзг., пам., батк.* чач кеп; *чәчпәпик тагынган кайсы айал?* (чачпапук, чачпөпөк, чачпөпүк болуп да айтыла берет.

ЧӘЧМӘ I *батк.* чакмак таш ойнунда таштарды чачып жиберип, кайра жыйнап алуу учуру; *чәчирәт кuwрайдан мурда чәчмә ойноп алалы* (мунун бирден терилип алынганы «чәчә чәчмә», экидени «эки чәчмә», анан «үч чәчмә, төрт чәчмә, беш чәчмә» болуп аталат).

ЧӘЧМӘ II *жерг.* жайылып аккан булак; *бир чәчмә булакка жетет.*

ЧӘЧТУШОW *жерг.* өргөн чач жайылып кетпес үчүн ага кошо өрүлүп байланган мончоктуу учтук; *сагагың менен чәчтушowуңдў көрсөт.*

ЧӘЧҮWЛӨ *ал.* чачыла; *тойго карата чәчүwлө жасайттар.*

ЧӘШ I *зам., лейл.,* чоң – чоң көздүү калбыр; *бuwдайды чәш менен акта.*

ЧӘШ II *жерг., батк.* шашке; *чәш болуп калыптыр.*

ЧӘШВӘЛ *жерг.* балит, ыплас; *менин үйумдө чәшвәл нерсе жок.*

ЧӘШКЕЛЕТЕР *батк.* шашке ченде кой – эчкини айдап келип саадыруу; *кой – эчкилерди чәшкелетерге әйдәп кел.*

ЧӘШКЕЛИК I *зам.* түшкү тамак; *чәшкелик сынасап богондо барганывыз бовойт ко, жүргүлө увактыраак баралы.*

ЧӘШКЕЛИК II *жерг.* чыгыш; *чәшкеликтен келгениң чәшкеликке.*

ЧӘШКЕРЕК *өзг.* аттиштин бир түрү; *айдап алар мал, сүзүп алар дән болду (таш өйдө кулады), чәшкеректи энди кыласың?*

ЧӘШМӘ *лейл.* чачма бытыра; *чәшмә камдап кел.*

ЧӘШТӘ *лейл.* чаш калбырына эгин салып калбырлоо; *бuwдайды чәштәди.*

ЧЕВЕГЕН *түнд.* жеңил, чебелектеген; *ой чевеген, чевич сойуп жевеген; карын жесе какаган, жумур жесе жутаган* (балдардын оюн ырынан).

ЧЕВЕЙИ *жумг.* балыктын өсүп келаткан тукуму; *каскандын түндүк чарасын оңдогуча, мен чевейи менен алек боло бердим.*

ЧЕНЕК I *кочк.* чабак; *чевектин бакалоорун көр.*

ЧЕВЕК II чалгы курчутпа турган кичине дөшүү; *балка менен чевегин жерге таштап отурду.*

ЧЕВЕНДИК *батк.* сабагы да, жалбырагы агыш тикендүү түк байлап, кызыл сары гүлдөп, тамыры кат – кат келип, эндик катары колдонулган өсүмдүктүн аты; *анавы келиндин бети чевендик койгондой кызыл* (анын түбүндө кызыл эндиги болбогон түрү «ит чевендик» деп аталат. «Чебендик» бийик тоолуу жерде өсүп, илгери «такашка» да катары колдонулган, май кошулуп эндик жасалган).

ЧЕВЕРИЙЕ *пам.* чөбүрө (Памирде баланын баласы – невере, неверийе, анын баласы – чевере, чеверийе, анын баласы – гывыра, гывыранын баласы – шывыра, шывыранын баласы – тонпок, андан аркылары – жепти, мушту деп аталат).

ЧЕВЕТИ *атб., батк.* каймакка мыкчып желүүчү жука катырма нан; *чевети жедик.*

ЧЕВИРЧКЕ *лейл.* чегиртке; *тәкчәгә чевирчке конуп аптыр* (кээ бир жерде «чевиртке» болуп айтылат); ийин чевирчке үч жуп буту, жонунда бири – биринен чоңураак эки жуп канаты, башында мурутчалары болуп, топурак арасында эки буту менен өзүнчө жолчо казып, түнкүсүн учуп чыгып, сууда да сүзүп, сөөлжан же өсүмдүктөрдүн тамырын кыркып жей турган жандык; *ийин чевирчкенин сазайыны момолой берет.*

ЧЕВИЧ *ыск., тяньш.* тоо эчкинин ургаачы улагы; *кыргыйдын чывыйын, тоо эчкинин чевичин тартуулаган экен.*

ЧЕВРЕ *лейл.* чөбүрө; *чевренин баласы – гывыра.*

ЧЕГЕ I *жжол.* 1. жайма тузак, тор койгондо анын боолуктарын байлай турган кыйынды казык, чырпык; *довулгудан чеге кыркып келчи;* 2. *атб.* сыртын булгаары менен каптаткан тердикке бастырылган ар түрдүү кооздук күмүштөр; *тердикке чеге бастырылат.*

ЧЕГЕ II *пам.* пахта, кебезден чыйратылган жип; *чеге жип дә әр бөлөк.*

ЧЕГЕ III *жерг.* эчкини айдаганда, кайырганда колдонула турган сырдык сөз; *чеге – чеге деп эчкини кайрың.*

ЧЕГЕ IV *ыск., эск.* курчоо; *колу чегеге түшкөн экен* (азыр бул эскирген).

ЧЕГЕГЕЧ *жерг.* чечкич; *казан кулак, кулак кәштә дегенди чегегеч әйәлдән сураң.*

ЧЕГЕДЕК I *кочк., жумг.* 1. сел, үйөр суу менен агып келип, суу жээгине чыгып калган ар кыл агынды отун; *сөөктүн суусунан чегедек чогултуп келели;* 2. таарылган чурка отун; *таарылган чегедекти жаргыла.*

ЧЕГЕДЕК II *тал.* бою элүү см. чейин жетип, бутактап өсө турган, көгүш тоголок дан алып, тооого чыгуучу өсүмдүктүн аты; *ичиң owруса, чегедектин данын ичип көрчү.*

ЧЕГЕДЕК III *чүй.* аркандын учундагы илмек жыгач; *сен кимге чеге болмоксун, келе алдыкы аркандын чегедегин, андан көрө.*

ЧЕГЕДЕН *тал.* үйдүн сырткы жээгине коюлган тактай; *чегеденде көк чывык (илгерки эски мылтыктын бир түрү) асылып туру.*

ЧЕГЕЙДЕК *алк.* чегедек; *карагайдын чегейдегин отко жак.*

ЧЕГЕЛЕ *пам.* чие кылып байлоо; *торпокту чегелеп байлапсың.*

ЧЕГЕЛЕК *жерг.* көк арча; *чегелек кыйдым.*

ЧЕГЕЛҮW *жерг.* аялдар кие турган такасы бийик кооз сый өтүк; *чаңкылдашып сүйлөшөт экен, чәмә – чаркыны күwлөшөт экен, шолоруң чегелүwдү тава ала веде?*

ЧЕГЕНЕ I *лейл.* менчик мал; *ол адам чегене багат.*

ЧЕГЕНЕ II *батк.* чикиттин таягы (чегене, чоң эне, чоң эне); *чегенени кезек менен кармашат.*

ЧЕГЕНЕ III *батк.* 1. чийне; *чегене менен чеп тартат*; 2. *жерг.* чанаа; *бир мәйдә чегене ойноп келейинчи?*

ЧЕГЕР I *тал., пам.* от кычкач; *отту оролой чапкан байбарак баатыр* (таб. чегер).

ЧЕГЕР II *жжол.* кооздукту комузга чөгөрүү; *чертмектин төшүнө, башына гүлмүк чегеришкен.*

ЧЕГЕТУЗАК *жжол.* тузактын табылгы, ыргай, шилбинин тогузгатынан жерге жаа сыяктантып ийип сайган түрү; *чегетузак тартавыз.*

ЧЕГЭЭЛЕ *тоң.* таштан кынаптай короо кармоо; *таштан короо чегээлешти.*

ЧЕГИМ *кочк.* набаттын сындырылып ажыратылган бөлүгү; *наваттын чегиминен алып таңдайына салды.*

ЧЕГИМДЕ *өзг.* чамасы, кыязы, балким; *бүгүн чегимде келвей калса керек.*

ЧЕГИМСЕК *жерг.* чегүүгө ниеттенгендик; *тегирмендин ташыны эртеге чегимсек болду.*

ЧЕГИНДИ *тоң.* бир нерсени чеккенде үбөлөнгөн кыпын; *үстүнө чегинди таштар толуп калды.*

ЧЕГИР I *жерг.* чыгаан мергенчи; *айуwду алган чегирим.*

ЧЕГИР II *батк.* чекир; *чегир көзбү, чегедектин үстүдө әйләнип жүргөн?*

ЧЕГИРТ *пам.* төтөгөнүн кооздолуп саймаланган бир түрү; *чегирт төтөгөнгө конгон чевирчке гочу.*

ЧЕГИТ *түшт.* үзүктүн жээгине кызыл, кара же жашыл ткандан бастырылган үч бурчтук же ромбу түрүндөгү чүпүрөк кыйык (бул көбүнчө Алай, Баткен, Лейлек, Ноокат тарапта жолугат); *чевереме чегит салганды көрсөтүп жатам.*

ЧЕГИТОW *лейл.* начар арык өскөн улак; *чегитоw улак экен зоройбоду.*

ЧЕГИТТЕ *жжол.* шырдактын четин шырып бекитүү; *шырдакты эң айагында чегиттейт.*

ЧЕЖМЕК *ал.* чыптама; *чежмегиң көк жашыл гүлдөй түрлөнөт.*

ЧЕДИР *чүй.* алты жаштагы чедир курсак увагы.

ЧЕЙДЕМ *тторо.* сууну арашандата кайнатып, табы кайтканда чалынган айран же кымыз катыктап, муздатып кош ичкен суусун; *көйкөлгөн чөп арасында жүрүп чейдем ичет бекен?*

ЧЕЙДЕТ *ал.* чалап; *нак айранга көп суу кошсо, чейдет болот.*

ЧЕЙИМ *пам.* ийленген теринин таманга алынган жери; *көнгө берип, чейим алам.*

ЧЕЙИН *батк.* металлдан жасалган кооздуктун бетине чийин салуу үчүн колдонулган учу ичке шибеге; *чыпчаң бир күндө чейин менен чызып бүтөм.*

ЧЕЙМЕК *ноок.* сырга; *гөшүм кетип, чеймегим жарашпайт.*

ЧЕЙНЕ *тал.* чийне; *чейнени чевер киши кылганбы, дейм?*

ЧЕЙРЕ *батк.* көөн, чер; көз талдырып, чейреси ачык.

ЧЕЙРЕК *тал., эск.* 1. төрт – беш кг. өлчөмүндөгү салмак; *ашкана чеверге чейрек нават алып бердим;* 2. *өзг.* бир центнер өлчөмүндөгү оордук; *таккан чәчиси бир чейрек ко?*; **анжийан чейрек** *түшт.* элүү кг. өлчөмүндөгү оордук; *анжийан чейрек – андийан чейрек дейсиң, пайдасы жок совда баш жарып жүрвөсүн?* (азыр оордук өлчөөдө бул система көп колдонулбай эскирип калды).

ЧЕЙРЕТИК *лейл.* «одоно» жоолугунун узун – туурасын өлчөө; бир чейректик кичине одоно жоолук; *он эки чейректик чоң одоно жоолук.*

ЧЕЙРЕМ *атб.* чалап; *айранга суу кошуп чейрем кылчы.*

ЧЕЙШЕП *батк.* шейшеп; *чейшепти жайып кой* («дәйшәп» болуп да айтылат).

ЧЕК I *ал.* 1. бир нерсени бөлүштүрөрдө адамдардын атын кагазга жазып, анан ортого ташталгандагысы; *эчкимиси таарынбасын, бөлүнгөн этке чек ташта;* 2. *пам.* малга салынган эн; *чек малда болот, ол аталардан каган нерсе.*

ЧЕК II *жжол., эск.* четтик; *палоw басып, нан бышырып чек өткөзөт.*

ЧЕК III *лейл.* 1. кооз, ажайып; *чевердин баары уз болот, чек кеште тигип түрлөwтө;* 2. *батк.* өйдө, бийик; *чекенде өзүнү чек ойлойт;* **чек тик** *батк.* сайма саюу; *чек тигип жататтар.*

ЧЕК IV: чек–чек *чүй.* топ – топ этип секирүү; *чек–чек–чек баскан, чек суру өтүк кийген, жалаң кылыч байланган, жоо келет деп шайланган* (таб. сагызган).

ЧЕК V *батк.* 1. сууну жылжытып буруп коюу; *сuwу чегип койгондой агат;* 2. укол салуу; *бүгүн балдарды чегет;* 3. *ал.* кесип алуу; *кыркымчы, чекпей кырк;* 4. бирөөнү ары кетирүү, айдоо, кубалоо; *агасы чек–чек, нары чек – деп берди;* 5. *жжол.* топ таш ойнунда таштарды тобу менен өйдө ыргытып, колдун сырты менен тосуп, кайра өйдө ыргытып, ичке имерип чогуу тутуу; *топ таштy чек, кыйналбай ал;* **чек көгөн** *жжол.* улакты кармаарда айтылуучу сырдык сөз; *эчкини чакырса «чү–чү–чү», кармарда «чеге–чеге», улакты кармарда «чек көгөн, жат көгөн» дейт.*

ЧЕКЕ I *өзг.* чет жак; *Кененбай чекеде болчу, укпай калса керек.*

ЧЕКЕ II *тал.* аттын бутту так көтөрүп, туягынын учун жерге так таштап баскандагысы; *сенин атың чеке басар экен.*

ЧЕКЕ III *жжол., зам., лейл., ал.* өңү каралжын келип, майда бутак алып, корумдардын арасына чыгып, май айында гүл төгүп, июлда мөмөсү быша турган жыгач өсүмдүгүнүн аты; *чекенин мөмөсү болот;* **ак чеке** – тикен албай өскөн кыска, тарбагай жыгач өсүмдүгү; **кара чеке** – ошол эле өсүмдүктүн өңү каралжын түрү; *кызыл чеке ошол эле өсүмдүктүн кызыл, майда мөмөсү бар түрү.*

ЧЕКЕ IV *лейл.* килемге түшүрүлүүчү ар кыл кооз көчөттүн аты; *сувагай чәчпөпүгү бар келин чеке токуп отурат;* **Мәскүвә чеке** Кремлдин элесин берген көчөттүн аты.

ЧЕКЕ V *пам.* жоолуктун ичинен чекени таңып алуучу беш – алты эли келген материал; *чәч көрүнбөсүн деп чеке тартынышаттар* (жаш келиндер – кызыл, сары же чаар ала, улгайгандар – жашыл, күрөң, ак; жесирлер – көк, кара түстөгү материалдан тартынышкан).

ЧЕКЕЗ *түшт. кыркма чачма онову чекездин жанында турат.*

ЧЕКЕЛДИРИК *тал.* көкүл баскыч; *чекелдирик тагып ал.*

ЧЕКЕЛЕК *чүй.* калемче жолу менен отургузулган көчөт; *ак калпактуу кыргыз эл да чекеликти билет.*

ЧЕКЕЛЕТ *ал.* ээндетүү; *чекелетип туруп айт.*

ЧЕКЕМИК *тал.* 1. кара тоголок жабышкагы бар, майда тикенектүү өсүмдүктүн аты; *ал коктунун чекемиги көп;* 2. ошол өсүмдүктүн боюна чыккан майда кара жабышкак бүр; *күсүндө анын сабагы бүт эле чекелик болуп калат;* **төм чекемик** бою бир жарым метрге жете өсүп, сабагында жабышкагы жыш өсө турган өсүмдүктүн аты; *төw чекелик кысыр аңыздарда өсөт.*

ЧЕКЕНЕ *түшт.* оңой, жөн; *Бердике аке, али да чекене адам эмес.*

ЧЕКЕНЕЛЕ *батк.* четтөө, жатыркоо; *имне элге кошулвай чекенелейсиң.*

ЧЕКЕР *түшт., тар., эск.* эшик алдында күнүмдүк жалданып иштеген киши; *ондо чекер болуп иштеген* (бул түшүнүк азыр эскирген).

ЧЕКЕРЛИК *түшт., тар., эск.* «чекер» болуп иштөөчүлүк; *илгери элдин ичинде чекерлик кылган көп болгон.*

ЧЕКЕЧКИ *тал.* уюм тууду ойну; *балдар чекечки ойноп жүрүшкөн экен.*

ЧЕКИ I *жерг.* өсүмдүктүн аты; *бу жерде сары чеки көп өсөт.*

ЧЕКИ II *батк.* ыргып секирүү; бөлүнүп ажырап кетүү; *биз бир жактан чекип келген бедек?*

ЧЕКИЛ *пам.* чекир; *чекендин түвүндө чекил калча отурат* (таб. коён).

ЧЕКИЛДЕК I *өзг.* көк гүл ача турган узун сабактуу өсүмдүктүн аты; *чекилдектин гүлүн бир көрсөтсөң экен.*

ЧИКИЛДЕК II *ал.* тегирмендин тартылган унун сыдырып түшүрүп туруучу калак; *жәләмә ташта кийик ойнойт дегенивиз ол тегирмендин чекилдеги болот.*

ЧЕКИЛДЕТ *чүй.* ийик жасоо; *чекилдектин түвүндө чекилдеткен ким экен? – ийикчи.*

ЧЕКИЛЕ *жерг.* чегип кооздук салуу; *кеште калам менен чекилеп салат.*

ЧЕКИЛДИРИК *тал.* чикит ойну; *чекилдирикте мелдешип ойнойт.*

ЧЕКИЛИК I *чатк.* өсүмдүктүн аты; *чекилик менен чий чөптү көрсөтүп койчу.*

ЧЕКИЛИК II *батк.* чикит; *ар тараптан келип чекилик ойноду.*

ЧЕКИН I *ыск.* коркуп жашырынуу; *бөлөк жерден чекинет.*

ЧЕКИН II *ыск.* тиленүү; *эркин оттоп ээн жүрсөм деп койонек чекинет.*

ЧЕКИРДЕ *тыньш.* чакылдоо; *баланчам жок дегенде, сенин чекирдегениңди көрөрмүн.*

ЧЕКИРЕҢДЕ *жерг.* чакырандоо; *ол чекиреңдеп калды, ыры тамамлады.*

ЧЕКИТ I *өзг.* чеккич; *Айша чекит менен нан жасап жатат.*

ЧЕКИТ II *түшт.* бала чикит; *чекитиң чарчөптүн жанына түштү.*

ЧЕКИТ III *батк.* секирте чабуу; *чикилдәкти чекитип атат.*

ЧЕКИЧ I *батк.* жаңы чыкканда кесип алып кабыгын ааарчып, өзөгүн сууга кайнатып, анан туурап, этке кошуп самса жасай турган чырыч өсүмдүгүнүн бир түрү; *чәйшәпти жайып койуп, чекич чиричти тазала.*

ЧЕКИЧ II *түшт.* 1. нандын бетин чегип кооздой турган учу көп шиштүү буюмдун аты; *чекич менен нанды саймалайт;* 2. бети кооздолуп жасалган нан; *олор чекич жасаптыр.*

ЧЕКИШ *жерг.* чатакташуу; *эр чекишвейинче бекишвейви?*

ЧЕККИЛИК *жерг.* чегүүгө жарамдуулук; *чеккилик тәмекиң кайда?*

ЧЕКМЕ I *батк.* 1. тилме; *жашында чекме болгон экен;* 2. *жерг.* кандайдыр бир нерсеге чегип түшүрүлгөн кооздук, кеште, сайма; *ого чекме түшүр.*

ЧЕКМЕ II *тторо.* чек; *тунук кара жыгачтан чекме кылып койду.*

ЧЕКМЕГҮЛ *жерг.* майда – майда кызыл сымал изчелери бар гүл алган өсүмдүктүн аты; *о чәш галвырдын жаныга чекмегүлдү ким койгон?*

ЧЕКМЕЙ I *тал.* топ таш ойнунун эң алгачкы учуру; *чекмейден кийин учелекей болот.*

ЧЕКМЕЙ II *ноок.* чакчаюу; *көздөрү чекмейе түштү.*

ЧЕКМЕК *батк.* 1. ала чакмак; *көзү чекмек, көзү карарганда көргөн* (эңсеп

жүрүп жеткен); 2. эс ооп көз аңтарылгандык; *чекмёк боло калды;* 3. шашып алактап калгандык; *ала чекмек бовой эле кой.*

ЧЕКМЕЧИ *жерг.* ар нерсеге чекме түшүрүүгө устат; *чекмечиге чевендиктен ала келиң.*

ЧЕКРЕҢДЕ *батк.* көздү алайтуу, алактоо; *сүйүнүп чекреңдеп калыптыр.*

ЧЕКТИ *жжол.* чейин; *сен түшкө чекти кут.*

ЧЕКТОКОЛ *жжол.* балдар экиге бөлүнүп топту казылган чуңкурларга айдап ойногон оюндун аты; *чектокол азыр ойнолбой калды.*

ЧЕКЧИ I *батк.* чегип дарылоочу киши; *чекчи келет, чекенечиге жолугат.*

ЧЕКЧИ II *батк., эск.* илгери бирөөнүн менчигиндеги аймак жерди убактылуу пайдаланган киши; *илгерки чекчилер чекенелеп–чекенелеп жок богон.*

ЧЕКЧИРИЛ *чүй.* чакчарылуу; *кара чегирткени чекчериле кууду.*

ЧЕЛ I *жерг.* «рубоп, тор» деген музыкалык инструменттерге тартыла турган жука тери; *рубопко чел тарттым.*

ЧЕЛ II *батк.* аралаштыруу; *баары–жокту челип, рәсвә кылды бу балаңар.*

ЧЕЛБАСКАК *тал.* конок; *көздү челбаскак басса, жаман болот.*

ЧЕЛЕ *батк.* 1. бечел; 2. *өтм.* кичине, арык; *жел соксо, челе киши кантет?*

ЧЕЛЕК I *пам.* бат, тез; *челек–челек бас дээр эде.*

ЧЕЛЕК II *лейл.* челпек, май токоч; *ий, бүгүн арапачелек пышыравыз.*

ЧЕЛЕКЕ *батк.* мускат жасала турган жүзүмдүн кара тоголок түрү; *челеке алып келсем жейт белеңер?*

ЧЕЛЕКЕ *жерг.* чакалоо; *челектеп төгө салды.*

ЧЕЛЕҢДЕ *пам.* чалкактоо; *чевич эчким челеңдейт, челекке сүтүм берем дейт.*

ЧЕЛМЕК *батк.* сүт куюлган идишти илип коё турган үч бурчтуу асма илгич; *челмекке сүт илет.*

ЧЕЛПЕК I *өзг.* калай, аллюминийден жасалган сузгу; *челпекти алып кел, кымыз куйабыз.*

ЧЕЛПЕК II *жерг., батк., лейл.* 1. май токоч; *эки жакка сүргүлөп пышырат, ону челпек дейвиз;* 2. *акт.* сорпого бышырылган жупка; *тиги сорподогу челпекке сары чегиртке коно калды;* 3. *батк.* жалпы тегерек майда токоч; *челекчиге челпек салып бер;* 4. *ноок.* каза болгон адамды жыт чыгарып эскергендик; **челпек жедирүw** *зам., эск.* илгери кош айдар алдында өгүздүн мойнуна «актык» байлап, анан ар кыл ырым жасап, жер айдоону баштагандык; *челпек жедирүw энди калып кетти.*

ЧЕЛПЕКТЕ *ноок.* камырды ийлөө; *аркагы да иш, эриши да иш дейт, камырды челпектеп кой.*

ЧЕЛТЕН *жжол.* союл; *челтенди жавык баштан төмөн кой.*

ЧЕЛЧЕҢ *пам.* 1. ээн – эркин чет; *челчең жер малга жакшы болот;* 2. окчун; *биз жылда челчең отурчуw эдек.*

ЧЕЛЧӨWӨН *тал.* алысыраак; *силердин айлыңар челчөwөн.*

ЧЕМ *жжол.* сый кийим; *айры челекке чемди кийип бармак беле.*

ЧЕМГЕЛДЕКТЕ *тторо.* чеңгелдөө; *ай, билбейм, чемгелдектен эле ала койсом окшойт.*

ЧЕМГЕР *тал.* боз үйдүн түндүк жыгачтарын кошкон жерди бекемдөө үчүн көзөп, өзүн жалпак жарым төгөрөк кылып тарттырып туруп, чегелеп бекиткен жыгачы; *чемгери жакшы бекивесе, түндүктүн кошкон жери бошоп кетет.*

ЧЕМЕ *жерг.* кудалашкандык; *бир жерге чеме кылуw энди бовойт.*

ЧЕМЕЛЕ *жерг.* болжолдоо, чамалоо; *бир жерге чемелеп барат.*

ЧЕМЕЛЕШ *зам.* жакын, окшош; *биздин тиливиз кыргыз тили менен чемелеш.*

ЧЕМЕНДЕ *жерг.* кой – эчки төлдөгөндөн кийин кабылдап ооруу; *кой чемендептир, кашкары чәчпөпүгүңдү койуп* (кооздолуп узун жасалган чачкеп) *ону кара.*

ЧЕМЕНДУW *лейл.* өнөкөт оорулуу; *ол чемендуw, айыкпайт.*

ЧЕМЕНЕК *тал.* эчкини тыпыратып, бакыртып, жер тепкилетип, бат эле өлтүрүп коё турган оору; *чек, чеменек алгыр!*

ЧЕМЕРЧЕК *чүй.* кемирчек; *чемерчеги кайкалаганча тойот.*

ЧЕМЕЧАК *жерг.* болжол убак; *чемечакта барат.*

ЧЕМИР *батк.* 1. сөзгө сындыруу; *көк чевирткени кармап бербесең, ол чемирет;* 2. кемирүү; *чертинди йәм чемирип жүтөрөр.*

ЧЕМИРГИЧ *батк.* кемирүүчү; *жаш эле туруп чәпәәни, чемиргич.*

ЧЕМИРЧЕК *батк.* бөрү карагаттын жаңы өскөн солкулдагы; *карагаттын чемирчегини жейвиз.*

ЧЕМПЕЙ *ал.* кампаюу; *курсагын кармаган чемпейет.*

ЧЕН I *батк.* майда – майда арыктарга бөлүнгөн суу; *чен кылып бөлүп живер.*

ЧЕН II *жжол.* 1. топ ойнунда оюнду баштоо үчүн тутамдап кармала турган чыбык; *узун чывыкты чен деп аташат;* 2. *жерг.* дары салгыч, дары ченегич; *дарыны ченге салып ок жасайт;* **учу–чен** *ноок.* учу – кыйры; *бет алдында учу–чени жок алыс жер.*

ЧЕН III *лейл.* чаар ала; *чен итиң көрүмбөйт.*

ЧЕНДЕ I *чатк.* чанда; *ченде кездешет.*

ЧЕНДЕ II ченөө; өлчөө; *чендеп көр, мелтиреп көзгө байкалат.*

ЧЕНДЕ III *ыск.* ченемди билүү; *эй, адамдар, ар нерсени чендейлик.*

ЧЕНӨW *жерг.* өлчөгүч; *тиш куйуштун ченөwү шол* («ченөwүч» болуп да айтылат).

ЧЕНЕҢДЕ *батк.* колунан иш келбей керкейип, бой көтөрүү; *ченеңдеп, чердеңдеп гөр болуп жүрвөсүн.*

ЧЕНЕҢДЕК *батк.* колунан иш келбей керкейгендик, бой көтөргөндүк; *ченеңдек дә нас чеге векен?*

ЧЕНТОН *тторо., эск.* кийиктин терисинен жасалган, күрмө сымал, сары боёкко салынып жасалган кийим; *чентон, теке шым, теке чокой болчу эле* (азыр мындай кийимдер учурабайт).

ЧЕНЧИЛ *ыск.* ар нерсенин ченин, жөнүн, акылын жакшы билген; *ойчул, ченчил, иш билги азамат эле.*

ЧЕҢБЕЛ *жерг.* ченгел; *дәлиңин чемирчеги такашса, чеңбел менен сүрөйүнбү?* (тамаша сөздөн).

ЧЕҢБЕР *чүй.* чөлдүү талааларда терендиги 20 – 30м казылып, ичи сөксөөл менен тосмолонгон кудук; *улам барган сайын чеңбер кудугу аз болот.*

ЧЕҢГЕК *чатк.* аткуур, чапчуур; *чеңгек менен эт чыгарып, берекесин көрсөттү.*

ЧЕҢГЕЛ I *тал.* ичкерээк темирден эки башын тик кылып ийип, үчтап, жыгачтардын кошкон жерлерин бекемдеш үчүн колдонулган бекиткич; *устун менен түркүктүн кошкон жерин чеңгел менен бекитет.*

ЧЕҢГЕЛ II *чүй.* 1. суусуз чөл жерлерде өсө турган өсүмдүк; 2. *зам. майда бадал, зоw башында бир түп чеңгел* (таб. сакал); а **чеңгел жеринде күркүрөйт** ар нерсе өз жеринде өсөт.

ЧЕҢГЕЛДЕК *чүй.* чеңгел; *сенден алган бир чеңгелдек топурак.*

ЧЕҢГИЛ *чүй.* чекир; *чеңгил көзүн көлөкө басты.*

ЧЕП: чеп–чеп *түнд.* тез – тез кыймылды туюндурган сөз; *казакча–орусча чалып сүйлөгөн, чеп–чеп эткен бала эле.*

ЧЕПЕЙ *түнд.* чепилдөө; *чепейген байкуш, теле, аштан–тойдон калвайт.*

ЧЕПЕЙИҢКИ *түп.* ченейгенсиген; *Апаш чепейиңки тартып теле кыйын.*

ЧЕПЕКТЕ *түнд.* чеп – чеп этип кыймылдоо, сүйлөө; *чепектеген кара бала менен тиги толмоч жигит ким?*

ЧЕПИЛЕК *түнд.* чеп – чеп этип кыймылдаган адам; *чачын бир жагына жыга тараган чепилдек бала болучу.*

ЧЕПЧИК *жерг.* кеп такыянын бир түрү; *чепчик кийип алып дегеле болбойт.*

ЧЕР I *чатк.* черүү; *чегирткени ат кылып черге минген.*

ЧЕР II *жжол.* туу жон; *ашуу черинде карды ойнотуп жаткандыр.*

ЧЕРВЕЙ *кочк.* чедирейүү; *червейген тиги гичине гим?*

ЧЕРЕ *батк.* көңүл; череси ачык экен, чер жазмайды чертип кирди.

ЧЕРИКЧИ *ыск., эск.* илгери Текес тарапта качкындарды кууган черүү; *«көчкүлө, көч!» деп, илгери черикчилер кууду го* (азыр бул сөз эскирген).

ЧЕРИМКУШ *ноок.* тоо – талаада жүрүүчү канаттуунун аты; *пәйсәмби күнү черимкуш көрдүк беде?*

ЧЕРМИЙ *алк.* кичине балдар үчүн ичине пахта салынып, бир жак капталы менен ийнинен топчулана тургандай кылып, жеңсиз жасалган кийимдин аты; *чермийиң күзгө жет, өзүң жүзгө жет* (ымыркайга «чермийди» адеп кийинткенде айтылуучу сөздөн. Бул сөз «черме, чермай, чермен» болуп да айтылат).

ЧЕРМЕГЕЙ *тянш.* чердегей; *чермегей атам өткөн.*

ЧЕРНИЙ *жжол.* шырылбай эле чүпүрөк тышталып жасалган жеңи жок кийимдин аты; *жөн жасасак чермий, тери тыштасак чермий дейвиз.*

ЧЕРТ I *чүй.* салт; *кыргыздын черти кылып ой бериштн.*

ЧЕРТ II *ал.* чатырап күйгөн; *чекендинин бутагын жак.*

ЧЕРТ III *өзг.* 1. кырс дедире сындыруу; *отко жага бутагыңды чертип ал;* 2. чачыроо; *от чертсе, чекене болбойт;* 3. жортуу; *черте–черте бастырып баратат;* 4. чорт айтып сүйлөө; *ийменбей черте–черте айт.*

ЧЕРТЕР *батк.* оюнда утулган тарапты чертип жазалоо; *чертери башка, домбогу башка онун.*

ЧЕРТИК *батк., миф.* чегирткенин пири; *чегирткенин атасы – чертик ата батасы.*

ЧЕРТИН *лейл.* четин; *чертин эгиз тоwлордо өсөт.*

ЧЕРТМЕЙ *лейл.* 1. чүкөнү тикпей эле жөн жаткырып, алыска сака өкчөп, консо чүкөнү үч – төрт таман алыска чыгара чертип атуу ойну; *чертмейде ашыкты чертип жүгөрсө, чачпамукка тийди;* 2. *чүй.* өкчөмөк; *чертмейде ачакей–жумакей дейви, девейви?*

ЧЕРТМЕК I *тал ., чатк.* 1. комуз; *комузду тайыма чертмек дешет; түшт.* тепке; 2. *батк.* чүкө ойнунун бир түрү (бөгө менен бөгөнү, чиге менен чигени чертип ойноо); **бай чертмек** *ыск.* 3. ордо ойнунда тооруп чертүүнүн бир түрү.

ЧЕТ I *жерг.* 1. жат; *ол чет болуп кеткен;* 2. *чүй.* өөн, айып, уят; *ага барбаганың чет болду.*

ЧЕТ II *пам.* бир нерсенин жээгине

кабаттай салынган сайманын түрү; *кош чет ćалуw авалдан каган.*

ЧЕТЕК I *жерг.* эки кулактагы сырганы тамак алдынан бириктирип турган ичке чынжыр; *четек зәнжирдән болот.*

ЧЕТЕК II *ал.* чабыра; *четектин оозуна бирдеме жаап койдуңбу?*

ЧЕТЕКТЕШТИР *жерг.* илиништирүү; *четектештирип жасаса болот.*

ЧЕТЕН I *зам.* четин; *алван көп четен бар.*

ЧЕТЕН II: кара четен *зам.* чие өсүмдүгү; *четенден чийә терип кел.*

ЧЕТЕН III *алб.* тал, ыргай, четин ж.б. жаш солкулдагынан токулган тик чабыра; *ырғайдан токулган четендин ичинде толтура жалвырак.*

ЧЕТЕНГҮЛ *батк.* тоонун таштуу жерине чыга турган, узун ичке сабак алып, жалбырагы арчанын бүрүнөн да ичке келген, майда гүл алган, мал жей турган, өңү агыш өсүмдүктүн аты; *четенгүлдү чачкынды ыргытпа.*

ЧЕТЕР *лейл., зам.* арча, сары тал, жаңгак, кызыл өрүк же жийдеден узундугу 70 – 80см өлчөмүндө жасалган эки кылдуу музыкалык аспап; *четерди азыр дә чертишеттер.*

ЧЕТИК *жерг.* кичине жалпак така, жука таман салынган маасы; *четик дегенивиз — жанакы сен кийип эле жүргөн маасы.*

ЧЕТИН *чүй.* 1. чала кайым, жарым эс; 2. чоочунчаак; *ал четин экен, токтовой койду.*

ЧЕТИНЕТ *батк.* четтетүү; *сен имне мени четинетесин?*

ЧЕТИҢ *ар.* кооз гүлдүү товардын бир түрү; *көк көйнөк кийсең четиңден, көрүнбөй кетсең эсен бол.*

ЧЕТКЕРИ *чүй.* чет жакта; *четкери туруп, ойногон балдарга кошулбады.*

ЧЕТКУЛАК *тторо.* казанга жапкан нандын арасына кыпчылта жасалган кичине, ичке токоч; *четкулак жеген балдардын элеси келди эсине.*

ЧЕТТИК I *тал.* бет жерлерде тикенектүү болуп өскөн өсүмдүктүн аты; *койлор четтиктин арасында жатыры.*

ЧЕТТИК II *ыск., эск.* илгери орозо башталар алдында уюшуп – сыйлашып тамак ичкендик; *экөө четтик кылып ооз бекитевиз деп уйат болду* (азыр бул көрүнүш эскирген).

ЧЕЧЕ I *тал., сейр.* улуу аялдарга «эже» деген мааниде кайрылуу сөзү; *чече, дары чөптүн баары бар.*

ЧЕЧЕ II *зам.* безеленүү, күйүп – бышуу; *жер чечеп каргавасын.*

ЧЕЧЕЙ *лейл.* чекчейүү; *аркамда атамдын көзү чечейет* (таб. керегенин көзү).

ЧЕЧЕК I *пам., суз.* байчечекей; *чечек атты терип келип чач капка* (чачтын сыртынан капталып коюлган кооз жасалга) *тагып койолу,* **ак чечек** *суз., атб., жерг.* 1. жаңгак сыяктуу тик өсүп, бийик бой алып, өтө катуу келип, даны желип, тоолуу жерде өнүп, 80 – 100 жылга чейин өмүр сүрө турган, кургаганда жарылып кетүүчү жыгач өсүмдүгү; *ак чечегиң асман тирейт;* 2. *жерг.* денеге ак так болуп чыгуучу оорунун аты; *ого ак чечек чыгыптыр.*

ЧЕЧЕК II *жерг., терг.* сүттөн май бөлүп алуучу идиш; *боз бowлу чечек, мөйну ала чечек, тапталуw чечек, таманы ала чечек.*

ЧЕЧЕКЕ *тал.* эжеке (эркелеп, сыйлап кайрылуу); *ээй, чечеке, мен балвандарды камдадым.*

ЧЕЧЕКЕЙ *батк.* 1. жыбыраган көп гүл ала турган өсүмдүктүн аты; *чечекейге барвай, кара чечек болуп owруган беде?;* 2. *тоң.* алтыгананын гүлү; *чүкө өкчөмөйдү койуп алтыгананын чечекейинен үзүп*

келгилечи; **ай чечекей** бажырайган гүл алып, көбүнчө сай жерде өскөн өсүмдүктүн аты; *ай чечекей о чегелектин тәгидә турат;* **гүл чечекей** ошол эле өсүмдүктүн майда гүл алган түрү; *гүл чечекей үзүп келип, Мәскүвә чеке салып жатканда берди гочу.*

ЧЕЧЕКЕЙЛЕ *тоң.* гүлүн терүү, үзүү; *чек–чек, эчкисиңби? – деп койуп, чечекейлеп кирди.*

ЧЕЧЕКТИ *пам.* майда байчечекейи көп; *мен кәсәлмән болуп чечектиге бара алвадым.*

ЧЕЧЕЛЕН *өзг.* жадырап – жайнап чегилүү; *мине бүгүн жылдызың чечеленип эле калган?*

ЧЕЧЕН *пам.* таамай; *чечен ата турган бир тагам бар.*

ЧЕЧЕНГҮЛ *ал.* кооз майда гүл ала турган өсүмдүктүн аты; *чеченгүл — гүлү бар өсүмдүк.*

ЧЕЧЕНДИР *батк.* 1. тоо ичинде суу боюндагы салкын жерге топ – топ болуп, жумшак сабак алып, сабагынын боорлорунан майда – майда жалбырак чачыратып, сүйрү баш алган өсүмдүктүн аты; *чечендирди ысытмага дәри кылаттар;* 2. *пам.* куурай сыяктуу бийик өскөн, өңү көк келип, топ – топ болуп түзгө чыккан, куураганда мал жей турган өсүмдүктүн аты; *чечендир отун жакпаска товба;* 3. килемге түшүрүлгөн чоң – чоң көчөттүн аты; *чечендир кәштәси кәттә–кәттә ойулат.*

ЧЕЧЕНДҮW *жерг.* чечен, сөзмөр; *ачуwлуw киши ачкыдай кишен, чечендуw киши чечкидей кишен* (таб. кулпу, ачкыч).

ЧЕЧИМСЕК *жерг.* чечүүгө ниеттенгендик; *кыргыз үйдү түштөн кийин чечимсек болдулар.*

ЧЕЧИРЕ *жжол.* чаалыгуу; чечиреп owpyn калды.

ЧЕЧКИЛИК *жерг.* чечүүгө ылайыкталган нерсе; *бул чечкилик теле сөз эмес экен.*

ЧЕЧКОР *атб.* кыбачыл; *кол өнөрдүн сырын түгөлү менен түшүнгөн чечкор адам эле.*

ЧЕЧМЕ I *жерг.* булбулдун көзүн элестеткен кичинекей көчөттүн аты; тешик кулак эшитет да, булбул чечмени кайдан укпасын.

ЧЕЧМЕ II *жерг.* эки өрүм чачты бир – бирине өткөрүү үчүн ар кыл түр жиптен кооздолуп жасалган байлооч; *чечме согуп жатып, бир кулагынын учурдагыны* (бир азын гана) *гәп урду.*

ЧЕЧТЕ *батк.* эчки – улакты бир – биринен бөлүү, ажыратуу; *беш–алты адам колдоруга чувук алып чечтеп кирет.*

ЧЕЧҮW *батк., эск.* бөйөн чакканда айтыла турган дарымдын бир бөлүгү; *чечүwдө «ләә иллә шәйиш, шәшми кү шәйиш, Бадахшандан бир жигит келди аты кашка, ону әйтмәгәннин йурту башка...*(азыр бул эскирип жоюлган).

ЧЕШ *зам.* калбырдан өткөрүлгөн таза буудай; *авайлап анык түшүнсө, чеш бuwдай сонун эмеспи.*

ЧЕШТЕ *ноок.* үйүп чогултуу; *быйыл жүдә чештедим.*

ЧЕШТӨW *лейл.* энесинен бөлүнгөн козу – улак; *козу–улак чештөw болду.*

ЧЭЭР *батк.* кызыкчылык; *чээри таркады.*

ЧИ I *пам.* бурч өлчөгүч нерсе, зат; *чи алып келчи.*

ЧИ II *жерг.* го; *чәчпөпүк, суйсал жоголду чи; кара чевиртке эгинди богогудан кыркатко чи; чәнгүлөк куштун макоwу чи.*

ЧИВӘК *суз.* колго тигилген бут кийим; *чивәгинин гарчылдаганы угулат.*

ЧИВЕК I *лейл.* алгыр, кыраан; *талаа кыргый чивектей.*

ЧИВЕК II *жжол.* начар, арык;

балдарынын шунусу чивек болуп өсүп калды.

ЧИВИ *лейл.* кыргыйдын эркеги; *кыргый – ургаачысы, чиви – эркеги.*

ЧИВИРЕ *алб.* чебире; *невиренин баласы — чивире, чивиреники – кивирде.*

ЧИВИРТКЕ I *жерг.* тибиртке; *тилиме чивиртке чыгыптыр* («чевиртке» болуп да айтылат).

ЧИВИРТКЕ II *ал., пам.* чегиртке; *чивиртке – арваңдаган жандар* (бул сөз да «чевиртке» болуп айтылат); а *чивирткеден корккон эгин экпейт; чивирткенин элини көр дэ, каныны сор чегирткенин алын көрүп канын сор.*

ЧИГӘ I *ноок.* чикит; *бири кәм ондо, чигә ойноп жүрөт.*

ЧИГӘ II *жерг., зам., батк.* чиге; *чигә, пөгө, алчы, тава деп ажыратавыз.*

ЧИГӘ III *батк.* пахтанын чигити; чигәни тазалап боп койдук, го.

ЧИГӘС *жерг.* 1. кандайдыр бир нерсе кургак турсун үчүн узунунан таштalып коюлган жыгач; *чигәсти супадан нары тәштә;* 2. түркүктөр жылып кетпес үчүн, же далан үйдө селкинчек ойноо үчүн түркүктүн боорун оюп, ал оюкка киргизилген туура жыгач (мындай чигәс коюу мурун болсо, азыр жоюлуп кетти).

ЧИГЕ: чиге дедим, балээге калдым *жерг.* кандайдар бир орунсуз, болор – болбос жерден жеме, тил угуп же таяк жегенде айтылчу идиома («чиге» деген сөз дунган тилинде «жеңе» деген мааниде айтылат).

ЧИГЕЙ: чигей – чигей *жерг.* эчкини саап жатканда тынчтандыруу үчүн айтылчу сырдык сөз; *чигей – чигей, шагың сыңгыр бу өлөт ко.*

ЧИГЕЛЕЙ: чигелей – чигелей *жерг.* чек – чек (сырдык сөз, эчкилерди кайрууда, айдоодо колдонулат); *чигелей – чигелей, касиеттүү жаныбар.*

ЧИГЕНЕ I *жерг.* эгин, чөп, ар кыл жүк ж.б. ташуу үчүн чана түрүндө жасалган нерсе; *чигене менен чөп ташыр эдек* (бул чигененин эң чоңу «өгүз чигене», орто чоңдуктагысы «ат чигене», кичирээги «эшек чигене» деп аталат. Азыр «чигенени» колдонуу өтө сейрек кезигет).

ЧИГЕНЕ II *ичк.* чикит; *кел, чигене ойнойвуз.*

ЧИГИ: чиги – чиги *батк.* эчки – улакты тынчтандырганда айтылчу сырдык сөз; *чиги – чиги, сокмо чачма тийсечи шого.*

ЧИГИЛЕЙ: чигилей – чигилей *түнд.* эчкилерди жоошутуу, тынчтандыруу үчүн айтылуучу сөз; *эчкисин чигилей – чигилей деп жоошутуп турду.*

ЧИГИРТЕК *батк.* өрүктүн мөмөсү кичине болуп калганы; *бу өрүк бүт эле чигиртек болуп кагамбы?*

ЧИГИРТТЕ *ноок.* бир аз суз тартып таарынышуу, көңүл чөгүү, нааразылашуу; *саал чигирттешип жүрсөң керек?*

ЧИГИТ I *жерг.* куруттун майда – майда бөлтөк түрү; *балдар үчүн чигит жәсәйт.*

ЧИГИТ II *пам., эск.* ок чыгуучу көндөйү тар, эски, илгерки мылтыктын бир түрү; *чигит мылтыктын жарасы оwур кеген* (азыр мындай мылтык жоюлган).

ЧИГИТ III *батк.* майда; *чигит өрүк куник болот.*

ЧИГИТЕК *батк.* эти жок, кабыгы сөөгүнө катып өскөн майда мөмө; *нан жийдә чигитек болуп калыптыр.*

ЧИГИТТЕ *түшт.* пахтаны уругунан ажыратуу; *чигиттеп койгон пахта сымак.*

ЧИДЕҢ *чүй.* кичине, арык адамдын кыймылын туюндурган тууранды сөз; *тетиги тоонун түвүңдөгү чидең – чидең эткен ким?*

ЧИДЕҢДЕ *чүй.* «чидең – чидең» этип кыймылдоо; *чидеңдевей үйгө барчы.*

ЧИДЕР *түнд.* толгоо келгенде кызганып, көзгө далдаа жерге качуу; *үй чидерген бойдон коктулап кетти көрүнөт.*

ЧИЖИК *тал.* чикит ойнунда колдонулган эне таяк; *чижик деп да, гижик деп да айтат ал тайакты.*

ЧИЗ I *жерг.* жез; *чиз менен алтынды билеттир.*

ЧИЗ II *жерг.* өлүү буюм, дүнүйө; *мал – чиз тавылат, адам тавылвайт* (мак.).

ЧИЗИЛДЕ *жерг.* айдоо жерди тырмоо; *айдалган жер урукталып чизилдеди.*

ЧИЗИВИЗ *жерг.* жызвыз; *миң сизи – бизиден бир чизивиз* (мак.).

ЧИЙ I *пам.* үч – төрт уукту бириктире коюп жасаган алачык; *чий кура койсо йәм болот.*

ЧИЙ II *тал.* тамекиӊ парниктерин жабуу үчүн согулган камыш бойро; *чywулдакты койӯп, пәрникке чий жапкыла.*

ЧИЙ III *чүй.* түпөйүл, жүрөкзаада; *жүрөгүм чий болуп турат.*

ЧИЙӘ I *зам.* чөө; *руксат алып чийәгә жөнөйт.*

ЧИЙӘ II *батк.* чаян түйүн; *– чийә болдуву? – чийә болду, энди чечилвейт.*

ЧИЙӘШ *лейл.* 1. чатыш; *живиң чийәш болуп калыптыр;* 2. *өтм.* чыр, кара талаш; *о жеткен чийәштин гәвидә туруму барвы?*

ЧИЙБИҢ *жумг.* кичине арык, чабал; *чийбиң – чийбиң, чийбиң куш, чий башына конгон куш.*

ЧИЙГАНАТ *суз.* өсүмдүктөн согулган калагыч; *андалгазы чийганат болот.*

ЧИЙДӘМ *өзг.* сырты таар, ичи кийиз чепкен; *аркы чийдәмди бери алып берип койчу.*

ЧИЙДӘРЧИН *жерг., эск.* стволу ичке, огу алыска учкан мурунку мылтыктын түрү; *чийдәрчин мылтык асынып, чегедекке жәшинип* (азыр мындай мылтык учурабайт).

ЧИЙДЕМ *чатк.* чалап; *экиден кой төлдөтүп, анан да чийдәм ичет, уйат эмеспи.*

ЧИЙДЕН *пам.* ичке камыш; *кайнар булак, кайнар булак үстүдө чийден камыш, чийден камыш үстүдө кара токой* (таб. көз, каш, чач).

ЧИЙДИМ *чүй.* кичине канаттуунун аты; *чийдим – чийдим, чийдим куш, чий үстүнө конгон куш, канаттары кайкы куш, тумшуктары ийри куш.*

ЧИЙЕ I *жжол.* чычкандын баласы; *чычкандын баласын чийе дээрин билбейт экен.*

ЧӨГӨ III *ташк.* тунжурап ойлонуу; *эмне турасың да ың чөгөт, белгисиз.*

ЧӨГӨГӨНЧ *алб.* чөгөөнөк; *чөгөгөнчтүн тизесине ише тийди.*

ЧӨГӨЛӨ *батк.* "чөгө - чөгө" деп музоо чакыруу; *торпокту чөгөлөчү, сыйырды саап койойун.*

ЧӨГӨЛӨН *батк.* төөгө карата айтылуучу сырдык сөз; *чөгөлөн-чөгөлөн, бакыр, бовосо әйдәп түш.*

ЧӨГӨӨЛ *ыск.* бүркүттүн эң кичине түрү; *чөгөөлгө чочко текирең салбай эле кой.*

ЧӨГӨР I *тторо.* кымыз, айран, жарма куюлган чаначтын оозу кайрылып бүктөлүп, аяк сыяктуу келтирип жасалганы; *чаң ызгытып чарчагансып чөгөргө жавышты.*

ЧӨГӨР II *жерг.* чөңөр, чөмөр; *жалаңайак жүрвө, путуңа чөгөр кирет* ("чөкөр" болуп да айтылат).

ЧӨГӨР III *жжол.* кыраан канаттуунун бир түрү; *адырда жаткан көп кийик ак чөгөр тийвей бөлүнбөйт.*

ЧӨГӨРТӨК *ал.* чөп, куурайдын дүмүрү; *авайлап бас, бутуңа чөгөртөк кирип кетпесин* ("чөкүртөк" болуп да айтылат).

ЧӨГӨТ *ал., өзг.* көлчүк; *чөгөткө бутуңду булгап алва.*

ЧӨГӨТТӨ *түшт.* чөгүү; *урушуп-талашпайт, эмнеге чөгөттөп калды?*

ЧӨГӨТТӨНТ *түшт.* көңүл чөгөрүү; *көңүлүн кайра чөгөттөнттү.*

ЧӨГҮН I *жжол.* ниет, каалоо, көңүл; *мергендин чөгүнү уувда, балыкчынын чөгүнү сувда* (мак.).

ЧӨГҮН II *ноок.* суу сузгуч, чөмүч; *чөгүн менен сузуп ал.*

ЧӨГҮНКАСАН *тал.* чугунка; *чөгүнкасанывыз бар, тигинде турат.*

ЧӨДӨЛӨЙ *чатк.* жаш баланы эркелеткенде айтылчу сырдык сөз; *чөдөлөй деп да, шоңколой деп да, татай деп да эркелетевиз.*

ЧӨДӨӨ *өзг.* өңү жапжашыл келген өсүмдүктүн аты; *алыстан эң биринчи чөдөө көрүнөт.*

ЧӨДҮ *чатк.* жаш баланы эркелеткенде айтылчу сырдык сөз; *айланайын чөдү – айланайын чөдүсү!*

ЧӨЖӨГАТ *суз.* чөжөчүл; *чөжөгат кирет качыры, туш-тушуна каравай.*

ЧӨЖӨГӨЙ *лейл., батк.* чөбөгө; *чөжөгөй жесең, энеңе бар.*

ЧӨЖӨЙ *тоң.* чүлжүй; *кызыл топу, суусар бөрк кийген бирөө чөжөйүп отурду.*

ЧӨЖӨЛӨ *батк.* өнүп – өсүү; *чөжөлөп жүрсөңөр эде болду.*

ЧӨЖӨХЫРАК *жерг.* айры куйрук; *жазында чөжөхырак чөжө илет.*

ЧӨЙ: чөй чарык *ал.* жөнөкөй чокой; *бизде чарыкты чөй чарык, бостон чарык, кашкар чарык деп бөлөттөр.*

ЧӨЙТӨНӨЙ *чүй, сейр.* чыпалак; *ой баласы бөйтөнөй, кичинекей чөйтөнөй* (сөз ойну).

ЧӨЙЧӨК I *жжол.* топ ташты жерге калчап жиберип, анан сол колун чөйчөккө окшотуп тосуп, оң колу менен бир ташты өйдө ыргытып, ал түшкүчө жердегилерди чөйчөккө салып ойноо учуру; *топ ташты сол колун чөйчөк кылып салат.*

ЧӨЙЧӨК II *жжол.* тегерек баш алган куурай; *кадимден ле шу жерде чөйчөк куурай өсөт.*

ЧӨЙЧӨКЧӨ *чүй.* тогуз кумалак ойнундагы кумалак салынган оюкча; *тогуз чөйчөкчөнүн тогуз башка аты бар.*

ЧӨК I *пам.* ак чөөлмөк ойнунда чөөлмөктү ала качып келип токтоочу чек; *чөктүн чөйрөсүнү жакшыла.*

ЧӨК II: чөк-чөк *батк.* уй – торпокту айдоодо колдонулуучу сырдык сөз; *торпокту чөк-чөк деп айдайт.*

ЧӨККӨЛӘ *батк.* чөгөлөө; *чөккөлөп отура берсең, ыстык чагат*; **нэмгэ чөккөлөп отурду** кур жалак калды, сызга отурду.

ЧӨКМӨК *жжол.* коргон; *кырчындай жигит, боз балдар күндө кетпейт чөкмөктөн.*

ЧӨКМӨЛӨ *чүй.* үбөлөп чогултуу; *жашыл чөптүн ушаланган бүрлөрүн чөкмөлөп кой.*

ЧӨКМӨР *жжол.* жүгөрү сымал өскөн, бирок туш тарабын тикенек баскан өсүмдүктүн аты; *чөкмөрдү көрсөтпөсөң көңүлүң чөгүндү болову?*

ЧӨКМӨРӨКТӨШ *чүй.* чогулуп, уюлгуп калуу; *анын тегерегине чөкмөрөктөшүп калышты.*

ЧӨКӨ I *чатк.* ак тунук, тоголок мөмө байлаган тоо өсүмдүгү; *чөкөнү жейт, барсылдап турат.*

ЧӨКӨ II: эйри чөкө *батк.* тикен оргондо, кыйганда колдонула турган ачакей жыгач; *эйри чөкө бовосо, колуңа тикен кирет.*

ЧӨКӨ III *жерг.* керки; *ышкывоз ырчы боз балдар чеке менен иштей берет.*

ЧӨКӨ IV *жерг.* лагман, сей жей турган ичке, уч жагы жумуру, кармай турган жагы төрт кыр келген 15 – 20см узундуктагы таякча (ушундай эки таякчаны бармак, сөөмөй, ортон менен кысып алып, тамак илип жейт).

ЧӨКӨ V *суз.* 1. тутам; *бака чөлмөгү бир чөкө;* 2. *тал.* бир колтук же жарым боо өлчөмүндөгү отун, чөп; *чөнөккө канча чөкө чөп салайын?* **чөкө – чөкө** чокчо – чокчо; *чөптөрдү чөкө – чөкө кылып кой.*

ЧӨКӨ VI *өзг.* 1. кичине баланы эркелетүүдө колдонула турган сөз; *үйгө жүр, чөкөм, үйгө жүр;* 2. кыйынсынгандыкка карата айтылуучу сырдык сөз; *чөкөм ой – чөкөм ой, муну кара, муну кара!*

ЧӨКӨЛӨ I *алб.* чөгөлөө; *чөкөлөп отура берди.*

ЧӨКӨЛӨ II *тал.* отунду топ кылып жыюу; *отунду чөкөлөп жыйып, анан чогултабыз.*

ЧӨКӨР I *жжол.* кружка; *бир берчи.*

ЧӨКӨР II *батк.* сары тоголок кичирээк коондун сорту; *чөкөр кожун алам деп, чөгөргө путуну тилдирди.*

ЧӨКТҮРМӨ I *кочк.* түктөлгөн буудайдын жарылта бышырып, сары май кошуп жасаган тамак; *буудайдан чөктүрмө салып берип багам.*

ЧӨКТҮРМӨ II *пам.* кайырмактын жилкасына байланган кичине таш, коргошун; *кайырмактын коргошунуну Жерге – Талга салможур дейт, биз чөктүрмө дейбиз.*

ЧӨКҮ I *зам.* 1. чөптүн талы, сабагы; *чөкү менен сайып ава;* 2. чырпык; *о сайга өтсөң, бир чөкү болсо дә сайып кой, көгөрүп турсун;* **чөкү сындырды** эптеп бир иш бүтүрдү.

ЧӨКҮ II *пам.* осмо сүртүү үчүн жасалган калем сымал ичке, жылма таш; *караны кашка чөкү менен сүртөт.*

ЧӨКҮ III *тал., сейр.* 1. сүйрү; *чөкө түшүп жатканын кара тиги чөкүнүн;* 2. *сейр.* соку; *соку девей чөкү деп да койчувус.*

ЧӨКҮК *лейл.* кайлоо; *чөкүгүндү ала келчи маңа.*

ЧӨКҮЛТӘК *батк.* жүгөрүнүн орулуп, кесилип алынгандан кийинки дүмүрчөсү, түбү; *мәкәнин чөкүлтәги отунга жәрәйт* (кээде «чөкүртөк» болуп да айтылат).

ЧӨКҮР I *пам.* чаар; *кече кызыма неге жооп берведи, ә, чөкүр?*

ЧӨКҮР II *зам.* сөгүлүү; *пәтинкәм чөкүрөп кетти.*

ЧӨКҮРӨНДӨ *суз.* өйдө, өргө, тоого карай жүткүнүп, алдастап чыгуу; *оо, кайран десе, чөкүрөңдөп келип калдывы?*

ЧӨКҮРТӨК I *лейл.* бөлтөк, бүдүр; *куруттун чөкүртөгү калды.*

ЧӨКҮРТӨК II *лейл.* 1. чөмөр; *кавагы ачылвайт, путуга чөкүртөк киргизип аптыр;* 2. *батк.* сөңгөк; *хайыр эми чөкүртөгү калдывы?*

ЧӨКҮЧ I *жерг.* нандын бетин чегүү үчүн жасалган кыска тоголок саптуу, майда шиштүү курал; *чөкүчү жок нан чекпей, көңүлүң чөгөт болуп турат.*

ЧӨКҮЧ II *ош.* 1. кычкач; *отту жакканда чөкүч менен купчуйт;* 2. *батк.* жер чукуй турган учтуу кайда; *мүйүздөн чөкүч жасашып, беш такта жерди эккендер.*

ЧӨКЧӨК *алб.* 1. жүк жыйылган такта; *чөкчөктүн астында турат буйумуң;* 2. ошол такта жайдын астыңкы коңулу; *тәк асты жагы чөкчөк болот.*

ЧӨЛ I *батк.* түз жер, талаа; *мүйүздөн чөкүч жасашып беш такта жерди эккендер чөлгө барып.*

ЧӨЛ II *батк.* ботала – сотала, чамбыл ала; *бетиңди жунсаң боло, чөл экен.*

ЧӨЛБАЙЫР *зам.* жашаң жай; *барган жериң чөлбайыр.*

ЧӨЛГҮ *алб.* тор сузгу; *чөлгү катуw сымдан жасалат.*

ЧӨЛДӨ I *жжол.* 1. суу болуу; *чөлдөп кеттик, мөндүр, бурчак жаады;* 2. *чүй.* эңсеп кызыгуу; *адам эмнеге чөлдөсө, аны бат эле үйрөнөт.*

ЧӨЛДӨ II *жерг.* тоодон жакага түшүү; *бөрүлөр чөлдөп келди.*

ЧӨЛДӨЛӨЧ *жерг.* жылкычы чымчык; *комузунун кулагын чөлдөлөчтөй бийлетет.*

ЧӨЛДУК *ноок.* суу жээгинде жашоочу канаттуунун аты; *алтымыш өрдөк, бир чөлдук, аталвай көлдөн учурдук.*

ЧӨЛКАНА *алб. чөлканага түшүп чаркты көрчү, пәрәдән кәм окшойт, таш акырын әйләнәт* ("чөлү" болуп да айтылат).

ЧӨЛКИЙИК *жерг.* 1. колго үйрөтүлгөн элик; *чөлкийиги болот экен;* 2. талаа – түзгө үйүр алган же кыш күрөөдө түздө жүрүп калган кийик.

ЧӨЛКӨМӨ *жжол.* айлана теребел; *бул чөлкөмөдө ал табылбасына көзү жетти;* чөлкөмөдөн ашкан опсуз ээн баш.

ЧӨЛКӨН I *тяньш.* айлана – чөйрө; *Нарын чөлкөнүндө көнөктөп кара нөшөр куйду.*

ЧӨЛКӨН II *лейл.* чөлгө чыккан өсүмдүк; *чөлдөгү камыш чөлкөнүм.*

ЧӨЛМӨ I *ыск.* чымкый; *төрт асыйдан өткөн чөлмө тору ат.*

ЧӨЛМӨ II: алма – чөлмө *ыск.* аябай тер куюлуп суу болуп, тердегендик; *бүткөн бойу алма – чөлмө.*

ЧӨЛМӨЙ: ака чөлмөй *тторо.* ак чөөлмөк; *кен, болбосо ака чөлмөй ойночу элек мурда.*

ЧӨЛМӨК I *алб. ак чөлмөк жылкыда болот, томпой уйда, алык кой эчкиде, тегирмен таш адамда болот;* **бака чөлмөк** суз. ак чөөлмөк ойну; *бака чөлмөк деген ойун бар.*

ЧӨЛМӨК II *батк.* чөлчүк; *жан жактагы тунук чөлмөк булак агып жатат.*

ЧӨЛМӨЛӨ: алма – чөлмөлө *ыск.* шатырата куюп, төгүп жиберүү; *жаан алма – чөлмөлөп живервесин.*

ЧӨЛӨВҮ *зам.* абдан кооз жасалган шакектин бир түрү; *алтындан жүздүк чөлөвү колума салсам толову.*

ЧӨЛӨЙМӨН *зам.* чөлгө үйүр жандык; *чөлдө чөлөймөн, тоwдо толоймон, сuwда сулайман, хышлакта гәләймән* (таб. чөө, бөрү, балык, мышык).

ЧӨЛП *жжол.* чулп; *чөлп этип булуттарга чөккүм келет.*

ЧӨЛПӨҢ *тал. бүрөwдүкүндө май чөлпөң, өсүнүкүндө куw чөлпөң* (мак.) (азыр мындай тамак учурабайт).

ЧӨЛСАРЫ *ыск.* чаткаягы кең, бугу барбагай, түсү ар кыл чаар, уурту жалжагай, көзү чоктой кызарып үч тарамданган, кырдач тумшук, үкү жүндүү саргыч, эң кыраан бүркүттүн бир түрү; *чөлсарыдан башка да баатыр сары, шашкалак сары, кой сары, ак сары, байвиче сары дегендер болот.*

ЧӨЛҮК *алб.* буулуу, тосулуу; *суw чөлүксө, дайра болот.*

ЧӨЛХАНА *түшт. чөлханада суwтǎ түшүп чонуктум.*

ЧӨЛЧҮ *жерг.* жатакчы; *илгери жәйлөwтө көчкөндөрдү чөлчү дешкен.*

ЧӨМӨК I *жерг.* жүгөрүнүн мардеги; *сонун жыргал күндө чөмөктү чогултпай эде койчу.*

ЧӨМӨК II *акт* 1. суюк нерсени сузуп алгыдай кылып жасалган туткалуу идиштин аты; *кенен – чонон эле чөмөк менен жуталы, анан бойду созуп уктайлы;* 2. *өзг.* чугунка; *чөмөк казанга суу куйуп кой.*

ЧӨМӨК III *өзг.* бооланып жыйылган чөмөлө; *чөмөк тартып келди.*

ЧӨМӨЛӨЙ *чүй.* майда чөмөлө; *чөмөлөй ого эле көп экен.*

ЧӨМӨЛӨК I *өзг.* бооланбай жыйылган чөмөлө; *эндей жыйылган чөптү чөмөлөк деп койот.*

ЧӨМӨЛӨК II *өзг., тторо.* 1. кружка; *чөмөлөгүн алып кел, атала куйалы;* 2. чоюнке; *чөмөлөктү кээ бир жерде дүңгөлөй деп койушат экен.*

ЧӨМӨЛӨКТӨ *өзг.* чөмөлөп, эс алуу; *чөп чөмөлөктөп жүрүп чокон атып койот.*

ЧӨМӨНӨК I *лейл.* ак чөөлмөк; *ак чөмөнөк ойнойвуз.*

ЧӨМӨНӨК II *жжол. сүйрү чөмөнөк көргөнсүп көп салды.*

ЧӨМӨР I *тоң.* саздуу, саздак жердин быткылы; *ту, бул жерде чөмөр көп экен да.*

ЧӨМӨР II *түп.* түп – орду менен чыгаруу; *чөмөрүп чыгарган таштар тура.*

ЧӨМҮЧБАШ *ал.* чөмүчтүн башын элестеткен көчөттүн аты; *чөмүч карматкан келинге* (илгери келин адеп келгенде казан – аяк карматып сынаган учурда) *чөмүчбашты да үйрөткөн* (ал кезде "чөмүчбаш көчөт" деп аталган да, ашкана көчөттүн экинчи аты катары да колдонулган).

ЧӨМҮШЧҮ *батк.* жыгач кашык, чөмүч жасаган адам; *чөмүшчүлөр кээ бир жерде болвогон.*

ЧӨМЧӨ *алб., эск.* чарык; *чөмчөсүн чечип ыргытып живерет* (азыр мындай бут кийим учурабайт); **үйрүлгөн чөмчө** жука териден ийри тумшук кылып ултарылган бут кийим ("үйүрмө чөмчө" деп да аталат).

ЧӨМЧӨНДӨТ *ыск., кочк.* жетиштирбей өксүтүү; *он сомду төлө, чөмчөндөтпө деди.*

ЧӨМЧӨРҮШ *жерг.* чөмүч сыяктуу нерсе; *сууга кирсе, суурулбаган чөмчөрүш, ташка тийсе тайгылбаган чөмчөрүш* (таб. аттын туягы).

ЧӨМЧӨЧҮ *алб.* "чөмчө" үйрүчү (тигүүчү) киши; *чөмчө тиксе, чөмчөчү дейт.*

ЧӨНДӨГӨЙ *тоң.* чыт курсак; *чөндөгөй курсагым чандайганча ичтим.*

ЧӨНДӨЙ *өзг.* чөндөлөй; *качырдыбы чөндөйлөр?*

ЧӨНДӨК *жерг.* чөндөлөй; *суурдун чөндөгүндөй торсойосуң да.*

ЧӨНДӨЛӨЙ: чөндөлөй балам, бери кач *ноок.* оюндун аты (бул оюнда бир бала бирөөнүн алдында башын катып жатат. Калгандары аны башка чаап качып жашынат. Ошол учурда анын башын катып отурган киши "чөндөлөй балам, бери кач" деп катуу үн чыгарып кыйкырып калат. Ошондо бала тура калып, чапкан балдарды издеп, таап, кармоого аракет кылат. Балдар болсо таптырбай, карматпай, көрүп калса чекке мурда чуркап келүүгө аракет кылат. Чаптырган бала кармаса, мөөрөй аныкы, кармай албаса, кайра келип башын тосуп жатып берет. Оюн кайра уланат).

ЧӨНДӨЛӨК *чүй.* чөндөлөй; *суурдун чөндөлөгүн чаап алдым.*

ЧӨНДӨЛӨЧ *жерг.* жылкычы чымчык; *бир чөндөлөч учуп кетти.*

ЧӨНДӨЛӨНДӨ *түп.* чөндөң – чөндөң этүү; *чөндөлөңдөп ийин каз, чодураңдап кыйын каз.*

ЧӨНДӨШ *ал.* мадыра баш; *акең чөндөштөр тыңшап отура беревиз.*

ЧӨНӨК I *чүй.* 1. үйдүн бир бурчуна кирпич, ылай же тактай менен тосулуп коюлган тосмо (ага эгин – тегин же майда – чүйдө нерселер коюлат); 2. жердин кичинекей чуңкурчасы (туяктын, буттун, же күрөк, кетмен ж.б. нерселер менен оюкча болуп калган жер);

ЧӨНӨК II *жерг.* 1. буурчактын дан байлаган кабыкчасы; *пырчактын*

чөнөгүн кара; 2. *чүй.* люлька; *чөнөгү бар мотосикил экен.*

ЧӨНӨТ *тторо.* адыр – тоонун жогор жагы жайык келип, этеги чуңкур туюк тартып, суу токтогон жери; *Дөдөмөлдөгү Башкы–Көлмө, Орто–Көлмө, Аяккы–Көлмө – чөнөт.*

ЧӨНТӨЙ *ал.* чөнтөк; *токсондогу чалда чөнтөй боло веде?*

ЧӨНГӨК *түнд.* саздуу жердеги быткыл – быткыл болуп калган жер; *чөнгөгү көп саз экен.*

ЧӨНДӨЙ *жжол.* куурай өсүмдүгүнүн бир түрү; *ак чөндөй, кара чөндөй өсөт.*

ЧӨҢКӨЙ *чүй.* чугунка, казанга окшогон идиштин аты; *чөңкөйдөгү май эрип калыптыр.*

ЧӨҢӨЛӨК *тоң.* суюк нерсе куюп алгыдай кичине идиш; *чөңөлүгүңүз жакшы чөңөлөк экен дедим.*

ЧӨҢӨРТӨК *өзг.* 1. чөңөр; *камыштын чөңөртөгү жүдэ жаман;* 2. *батк.* жалпы эле чөңөр.

ЧӨӨГӨ I *ноок.* чөбөгө; *чөөгөдөн ала отургула.*

ЧӨӨГӨ II: чөгө–чөгө *батк.* музоо; *торпокту чакыруу; торпокту чөгө–чөгө! – деп чакырды.*

ЧӨӨГҮМ *өзг.* чөөгүн; *кара чөөгүмүнө чай кайнатып берет.*

ЧӨӨК: чөөк–чөөк *жерг.* торпокту жем – чөпкө чакыруўда колдонулуучу сырдык сөз; *чөөк–чөөк деп ичини ит талап баратат* (күп – жаныш жатат).

ЧӨӨЛ: бака чөөл *атб.* ак чөөлмөк (Ат – Башыда "бака чөөл, ак чөөлмөк" деп айтыла берет).

ЧӨӨЛМӨК *тторо.* куш, бүркүт кармоочу тордун ичине сайыла турган иймек жыгач; *жип чөөлмөктүн астынан алынып, ачанын үстүнөн тартылат.*

ЧӨӨЛҮ I *акт., тторо.* кружка; *чөөлүнү берчи суу ичели.*

ЧӨӨЛҮ II *өзг.* сузгуч; *чөөлү таштава, талаада кургап калвасын.*

ЧӨӨЛЧҮК *түшт.* көлчүк; *чөөлчүк – айлампа көлчүк.*

ЧӨӨРҮ *ноок.* чөө; *чөөрү деп да, чөбөрү деп да айтат.*

ЧӨЛБАШ *ноок.* чөптөн ыргытып тээп ойногон оюн; *чөмүч келин бир башка ойун, чөпбаш бир башка ойун.*

ЧӨПБАШЫ I *чатк.* алтынчы муундагы тукум; *баладан невере, андан чевере, андан чөвүрө, андан эвере, андан чөпбашы.*

ЧӨПБАШЫ II *ыск.* колхоз – совхоздордун чөбүн, тоютун коруган адам; *чөпбашылар атын чапкылап жүрөт.*

ЧӨПБАШЫ III *ал.* өңү сулуу келген эң кичинекей боз чымчык; *чөпбашы күзүндө шамалды ала кеген чымчык болот.*

ЧӨПЖЫГАЧ *жерг.* тегирмен – "турумуна" тик орнотулган жыгач; *тегирмендин чөпжыгачынын экинчи учуну сүүдүн агыш жагыга карай чыгарат.*

ЧӨПЕНДИК *ал.* тамыры кызыл келип, жапыз чыккан өсүмдүктүн аты; *чөпендикке куйрук май, бовосо вазелин кошуп эндик жасайттар.*

ЧӨПКАТ *ноок.* дайыма катташкандык; *Өзбекистән менен биздин бу жер чөпкат.*

ЧӨПКӘНӘ *батк.* таштары терилип, чөп чабууга ылайыкталган квадрат жер; *чөпкәнәгә сүүдү бурайынчы.*

ЧӨПКӘРИ *зам.* устун; *үйдүн ортосуга шап, четиге чөпкәри сынч койулат.*

ЧӨПКУЛАК I *батк.* жапайы талаа өсүмдүгүнүн аты; *чөпкулактан апкелчи, чөп бекитмей ойнойлу.*

ЧӨПКУЛАК II *жерг.* 1. "чигнә, супардын" ок жыгачын "тиркәчкә" өткөргөн кезде аларды бекитүү үчүн колдонулган 30 – 35см келген ичке, катуу чыбык; *чигнәнин чөпкулагы түшүп калвасын;* 2. тегирмендин

"чархын" өйдө – ылдый жылдыруу үчүн "овхана" менен түз эле "чөп жыгачка" бекитилген тик жыгачтын жогор жагына орнотулган деталь; *тегирмендин чөпкулагыны пастатып кой.*

ЧӨПКҮЧ *ноок.* депкир; *чөпкүч жасап мен да кызмат кыламын.*

ЧӨПМАЙ *жжол.* пахтанын майы; *чөпмайдан алып кел.*

ЧӨПӨК *пам.* ушакчы, эки жүздүү; *чөпөккө жолово, чөпөгү жугат.*

ЧӨПӨР *жжол.* бир нерсеге чөгөрүп сузуп алгыч идиштин аты; *шөлүшай, чөпөр желе тартып, чоw салган жерде калыптыр.*

ЧӨПҮЛДӨТ *кочк.* бир аздан куюу; *келе, чөпүлдөтпөй баса куйчу.*

ЧӨПЧӨК *лейл.* бутак, шактан жыйылган термечик; *отун, чөпчөк болсун деп калат кыш келе йатканда.*

ЧӨПЧҮК *батк.* көрпөчө; *чөпчүктү сыртка алып чыгып чаңын күвүп кел.*

ЧӨПЧҮЛӨ *алб.* чала чарпыт, ала чокул; *айер–бийерден чөпчүлөп, тешик тушун көздөй күрөп жүрөт.*

ЧӨПҮЛДӨ *түп.* күсөө, эңсөө, кусадар болуу; *чөпүлдөп жатып бүтмөк да.*

ЧӨПҮРӨК *ноок.* кыйкым; *чөпүрөктөрдү топтоп, курама төшөк жасады.*

ЧӨПЖЫЛАН *алб.* сөөлжан; *тарапма тарап болуп чөпжылан жыйалы.*

ЧӨПЧАКЫЧ *батк.* кумдак жерге чачыраткы сымал болуп, өңү боз агыш келип, көк гүл алып өскөн өсүмдүк; *чөпчакычтын чакычыда ис болот.*

ЧӨПЧҮЛӨ *тал.* ар нерсенин башына тийип – качып иштөө; *жети жыл чөпчүлөп жүрүптүр.*

ЧӨРГӨ *жерг., лейл., зам.* ороо; *баланы чөргөдүңбү?*

ЧӨРЧӨ: чөрчө чөлмөк *чүй, сейр.* кесе; *чөрчө чөлмөк, чөмүч кара кашык алты төөгө бербеген, алтын кара кашык* (таб. көз, карек).

ЧӨТӨРЧҮ *ош.* чотолчу; *чөтөрчүгө чөөлмөк жипти* (малдын колун тизесинен бүгүп байлай турган жип) *өткөртүп кой.*

ЧӨЧМӨРӨ *түшт., эск.* жамбынын кичирээк бир түрү; *чөчмөрө менен кыз–келин жасанат* (азыр мындай нерсе учурабайт).

ЧӨЧӨ *батк.* бир аз чулдурураак; *ону чөчө дейсиңер го, ол жакшы әйәл.*

ЧӨЧӨЙ *тяньш.* 1. чөйчөкчө; 2. кичинекей чайнекче; *чөчөйүн кармаласа, шөкүлөсү жалдырайт.*

ЧӨЧПАРА *пам.* чүчпара; *чөчпара жевей кал.*

ЧУW I *чатк.* ыскыт менен шырдактын оймосун басат, *чуwу менен тигет.*

ЧУW II *тал., сейр.* абдан жакшы кымыз; *кан чоконду* (ордо ойнунда кошумча атууга берилген чокон) *атып, чуwдан тартып алды.*

ЧУW III *пам.* чуу; *курук жерден суw чыкпайт, тынч айылдан чуw чыкпайт* (мак.).

ЧУWДА *жерг.* төөнүн жогдорунан ийрилген шоона; *бир учук чуwда эш.*

ЧУWДАН: ак чуwдан *пам.* бозомук жүндүү; *ак чуwдан койду алып келип саадыр.*

ЧУWКАРГА *батк.* таан; *чуwкарганы караң ле жердин бетини бервейт.*

ЧУWЛА *батк.* түйдөк жиптин чачышканын жандыруу, жөн эле жип чубап чыгаруу; *жипти чуwлап гүл кылат.*

ЧУWРУ *пам.* чакмак таш ойнунда таштарды бир – бирден колдун артынан чубуртуп түшүрүү учуру; *чуwрунун чоwжайыны түшүндүр.*

ЧУWРУНДУ *суз.* чачырап калган нерсе; *күзүндөсү бәәриси чуwрундуу болуп калат.*

ЧУWУ *батк.* чубуртуп тартуу;

варака – пахта, чуwуй турган мәшинә.

ЧУWУЛГАН *батк.* ызы – чуу; *чукулганы чувуруп жүрөт.*

ЧУWУЛДАЙ *пам.* 1. чуулдак; *чуwулдайдын ичиде жүрдүм;* 2. **кара козу чуwулдай** *алб.* оюндун аты; *кара козу чуwулдайды балдар карышкыр, эне, козу болуп ойношкон.*

ЧУWУРТМА *ал.* бир кылка, бир түрдө чубуртуп сайылган сайма; *чуwуртма онун этин үркүттү* (үрөйүн учурду).

ЧУWУРТМАЙ *пам.* жайма; *чуwуртмайда күчү бар тәштәйт.*

ЧУWУРТМА *ал.* чубуртма; *шыйрак карматам деп чуwуртма кылган ырымы болгон.* (Азыр ал көрүнүш жоюлган).

ЧУВАЙ: чувай – чувай *жжол.* оюндун аты; *чувай – чувай ойну малчылык кесипке байланыштуw* (бул оюнда бирөө "карышкыр", бирөө "эне", калгандары "балдар" болуп ойнолот. Оюн түн ичинде ойнолот. "Балдар" эненин этегин кармап "чувай" болушат. Эне балдарды ээрчитип бара жатып карышкырды "дөңгөч" экен отуруп алат. Ошол кезде карышкыр амалкөйлүккө өтөт. Алдап балдарга кол тийгизет, ал "тоңуп" калат. Оюн ошентип улана берет. Оюнга 18 – 19 жашка чейинки балдар катышат. Бул оюн "этек качырмай" деп да аталат).

ЧУВАЙМАН *батк.* чубалчаак; *жерде чувайман, көлдө гөлайман* (таб. жылан, бака).

ЧУВАК *кочк.* из; *саргыч чувагы калып, өзү көрүнбөйт.*

ЧУВАЛ *ал.* зумбал; *чувалга саманды капта.*

ЧУВАЛАҢДА *батк., өзг.* чычаландоо; *көп чуваландай бервечи.*

ЧУВАЛАҢ *өзг.* узун ичке куйрук; *чувалаң койувуз бар.*

ЧУВАЛЧАҢ *суз.* созулчаак, чубалчаак; *чувалчаң камыр жасаптыр.*

ЧУВАЛЧЫК *батк.* сөөлжан; *"кылганың мен үчүн, үйрөнгөнүң өзүң үчүн"* (мак.) *чувалчыкты терип кел.*

ЧУВАР *жжол.* 1. чаар; *чөмөлөйдүн түбүндөгү оголе көп чувар эмне?* 2. *ттороо.* кызыл, темгил чаар; *жылкы ичинде чувардай, кой ичинде соолуктай.*

ЧУВАТ *жумг.* куйту; *ал өзү эң жаман чуват киши экен.*

ЧУВАТМА *пам.* бир жарым – үч километр аралыкта улак тартуу салты (чуватма тегеретмеден кийин болгон. Чуватмада улакты эңкейип алуу жана кайрылып алуу түрлөрү орун алган. Чуватма бир нече жолу кайталанып, анда соорун берилген. Илгери Памирде иче – карды, өпкө – боору, баш – шыйрагы алынып салынган торпок эки – үч күн бою чуватма болуп тартылган. Чуватмадан кийин алды – кетти болгон); чуватмага анча – мынча кишилер таштай алвай койду.

ЧУВАТМАЙ *батк.* бир нерсени бут менен тээп качырып – качып ойногон оюндун аты; *чуватмай азыркы футболдун алгачкы түрү болсо керек.*

ЧУВМЕН *ноок.* кичине, жука кирпич; *чөлчүлөр чувменди канча которуп, канча кырдашат.*

ЧУВООТ *тоң.* чубатма; *көз алдына чувоот салдырды.*

ЧУВУК *жерг., ноок.* чыбык; *сагызгандар сайраган шагы менин колумда, узун чувук улашкан учу менин колумда* (таб., комуз); **кәшә чувук** *жерг.* "чигененин" бир бөлүгүнүн аты; *чигененин кәшә чувугу чозулуп кетти*; **тор чувук** *жерг.* 2 – 2, 5см келген чыбыкты жаа сымал ийип сайып, үстүнө тор жайып коюлган нерсе; **чен чувук** *жерг.* "алгоw" уюштурганда сүт өлчөө

үчүн колдонулуучу өлчөм; *чен чувуксуз алгоw бовойт.*

ЧУВУТ *өзг., алб.* эки арага чуу салып жүргөн адам; *даңги жолу тайгак, бава чувут айгак, жаккан оту өчөөгөн, койгон журттан кечөөгөн сени да келсин деди жорого.*

ЧУГАР *түп.* туташ, бүтүндөй салынган там, үй, курулуш; *чугар салынган үй жакшы.*

ЧУГУТТА *пам.* аңкуштоо; *сугур хадеп чугуттай берип кийиктерди качырды.*

ЧУЙАН *жерг.* темир чайнек; *чайды чуйанга кайнатып ичевиз.*

ЧУЙКАЛА *батк.* 1. күйгүзүү, кааруу; *кишини чуйкалап эде живересин*; 2. ачууну келтирүү; *күлгөнүң – өлгөнүң деп чуйкалап живересин дә.*

ЧУК I *өзг.* салмак, көлөм; *малдын чугу азыраак көрүнөт.*

ЧУК II *батк.* чок; *чук койуп кой.*

ЧУК III *жерг.* кичинекей төшөнчү, ороо; *баланы чукка ороп көтөрүп кетти.*

ЧУК IV *батк.* бир жагы балта, бир жагы шиш келген саптуу буюм; *чук менен таштарды чукуп чыгаравыз.*

ЧУК V *чүй.* суу жыйылып токтоп калган чуңкур, оюк, аң сымал жер; *чук жерге тайгаланды.*

ЧУК VI *ал.* пейил; *тагаңыздын чугу тар көрүнөт.*

ЧУК VII *ал.* бекем; *увааны чук кылавыз.*

ЧУК VIII *жкол.* жакын; *кантейин, төрүмдөн көрүм чук.*

ЧУК IX *өзг., ал.* чырм; *чук этип ала гойойун.*

ЧУК X *алк.* жук; *мурункудан чугу бар эле да.*

ЧУКТА I *жерг.* 1. ороо, чулгоо; *жакшыдан бүткөн баланы ак хасага чукайын, әлдәйләп жатып уктайын*; 2. өрүү, толгоо; *беш көкүлүң чуктайын;* 3. *өзг., акт.* куушура кармоо, далыдан ороп, байлоо; *куштy кармаганда чуктайт, көзүн тирлейт.*

ЧУКТА II *акт.* 1. малдын башын же башка бир нерсени кошуп кураштыруу; *бирин-экин малды кошуп, чуктап, анан жайлоодо отурат*; 2. бышыктоо, тактоо; *биз келгиче ишти чуктап койгула.*

ЧУКТАЛ *акт.* түрүлүү, оролуу; *эмне башкалардыкындай чукталайт.*

ЧУКТАЛУW *жерг.* оролуу; *бала чукталуw ала туруң.*

ЧУКТОW *жерг.* орооч; *балага чуктоw бер.*

ЧУКУ: чуку-чуку Мәәмет *жкол.* көздү таңып, "чуку – чуку Мәәмет, чукуп койсо кантет" деп сайгылашып ойногон оюндун аты; *чуку-чуку Мәәметте колун кармап калса, кийинки баланын көзү таңылат.*

ЧУКУЙ *пам.* тынч турбай, ар кайсыны чукуп сүйлөгөн киши; *дагы чукуйуп калдыңбы?*

ЧУКУЛАК *батк.* жер чукугуч; *чукулак менен тазалайт.*

ЧУКУЛДУК I *ыск.* чулдук ; *саздагы чуулдашкан чукулдук, ызгыттардан дайын жок.*

ЧУКУЛДУК II *ыск. чукулдугу чөвөт жерге түшүп калды.*

ЧУКУЛУК *лейл., атб.* кайлоо; *чукулук алам деп коңултак калды* (таш жалак болду).

ЧУКУМА *суз.* 1. жаңгактын кабыгы калып, маңызы кабыгына ныкталып жабышкан түрү; *чотон балык кармаса, чукума берем;* 2. пистенин кабыгы ак, даны чоң – чоң келген түрү; *чоскасыны алып, пистенин чукумасыдан кайтарды;* 3. *тянш., чүй.* жуурулган камырды тоголоктоп – тоголоктоп, ортосун чуңкурайтып, сүткө бышырганы; *чукума жедим, эми чотту берчи, кандай иштээр экем;* 4. *жкол.* аркы –

берки, өткөн – кеткенди эзип, чукуп сүйлөгөн киши; *чукума адам, чөлгө түшсө да чөлүкпөйт.*

ЧУКУЛАМА *суз.* чукума жаңгак; *биздин айыл чукулама жаңакка бай.*

ЧУКУР *түшт.* чуңкур; *чукурга түштү чулп этип;* **ак чукур** чополуу келген чуңкур; **көзү чукур** *пам.* соргок, опкок.

ЧУКУРЛУК *батк.* ойдун; *чукурлукта мал жүрөт.*

ЧУКУРУК *ташк.* кичине чуңкур; *кээде чукурук деп койовуз, "ң" ды айтпай эле* ("чукурек" болуп да айтылат).

ЧУКУРЧА *түшт.* чуңкурча; *ууртунда чукурча пайда боло калды.*

ЧУКЧУ I *батк.* кимдир бирөөнүн тендигин, тиешелүү экендигин аныктоо үчүн кол менен удаа – удаа жыгач кармап аныктай турган нерсе; *чукчу кармайм деп жатып чукурга тайыды.*

ЧУКЧУ II *лейл.* чукуу; *жер чукчуйт.*

ЧУКЧУГАЙ *пам. кырк чакчыгай, жер чукчугай* (таб. боз үйдүн керегеси).

ЧУКЧУЛДУК *жумг., эск.* мелдеш ойнунда утулган жакты жазалоонун бир түрү; *чукчулдук алдырып, маңдаңы кызарып калыптыр* (сол колдун алаканына оң колдун чыканагын коюп, шарт тартып алып, сырты менен чекеге чаап алуу жазасы).

ЧУКЧУЛДУРУК *ноок.* чукулдук; *чукчулдурук, теше, белди алып кой.*

ЧУКЧУҢ *ыск.* чукчундаган мүнөз; *кара мурут, мүнөзү чукчуң киши.*

ЧУЛ I *тал.* эки ууртка жел толтуруп булчуйткандык; *чул ойносоң, чулумду алам.*

ЧУЛ II *жжол.* пейил, ниет; *чулу тар чукчуйган.*

ЧУЛ III *алб.* салмактуу; *оwурдугу коргошундай чул.*

ЧУЛГАК *чатк.* 1. ороо, чулгоо; *бул мата чулгакка лайыктуw экен;* 2. *батк.* жалаяк; *баланын чулгагы суw болуп калыптыр.*

ЧУЛГАМА *ыск.* 1. чулгап, ороп – сороп алган нерсе; *башыңды эмне чулгама кылып алгансың?;* 2. имерилип (тоо жери); *чулгама, чукур деген жер бар.*

ЧУЛГАН *батк.* чулгоо; *Асан, чулганың кайда, мен жуп койойун.*

ЧУЛГУГУЛА *түнд.* башты кайра – кайра чулгоо; *башын чулгугулап тынымсыз мөөрөйт.*

ЧУЛГУР *суз.* сузгу; *күнү–түнү чулгур түшпөйт колудан.*

ЧУЛДУ I *жжол.* кичине, эки жагы чиштйгий кетменче; *чулдусун алып, чулгосун кат–кат оронду.*

ЧУЛДУ II *түнд.* чыгдандын боосу; *оозгу үйдөгү чыгдандын чулдусу көрүнүп турат.*

ЧУЛДУК *ыск.* кайлоо; *чулдукту алып колуна кете берди.*

ЧУЛКУЙ *жетг.* чулжуюу; *бээнин чөйчөгү чулкуйуп турат.*

ЧУЛМУР *тал.* чунак; *чулмур эчкини карма.*

ЧУЛУГУЙ *түнд.* чулуйган; *чүйлү мурун, чулугуй жигит.*

ЧУЛУК I *алб.* пахта чигитинин маңызы алынгандан кийинки кабыгы; *чулукту кой–уйга жем катары берет.*

ЧУЛУК II *ыск.* кууш; *чулук маңдайын чулуйтуп тура берди.*

ЧУЛУК III *жерг.* жулук; *өтүгүмдүң чулугу айрылды.*

ЧУЛУК IV *ноок.* чулкулдаган, чулк – чулк эткен; *ичим чулук–чулук этет.*

ЧУЛУК V *тторо.* чунак; *чулук кулак көк дөвөт көрүп турду бир чаван.*

ЧУЛУК VI *кочк.* жылмакай; *чулук таш басты жылмышып.*

ЧУЛУП: чулуп–чулуп *жерг.* ичи –

боор эзилгендик; *чулуп – чулуп этип тамаша чекти.*

ЧУЛЧУЙМАТ *ыск.* чулчуюп жүргөн; *оозу кантет тиги чулчуйматтын?*

ЧУЛЧУКЕ *ыск.* чулчуюп көрүнгөндүк; *чулчукем да бир ишке жарап берет, көрөсүңөр го.*

ЧУМ I *пам.* калың така; *айаган көзгө йэм чөп түшөт, чум жасай сал;* 2. *жерг.* катуу же таштуу жерди чукуп казуу үчүн колдонулуучу бир жагы балта сымал, бир жагы учтуу келген саптуу буюмдун аты; *келе бери чумду, манаву жер каттык экен.*

ЧУМ II *пам., жжол.* чылк, чымкый; *чум кара кийинген* (бул сөз күчөтмө сөз катары "чылк, жалаң" деген мааниде айтылат: чум ак, чум кызыл, чум козу, чум улак).

ЧУМКАЙ *өзг.* чымкый, чылк; *чумкай ак тооктун чөвүрөлөрүндөй чыйпылдайт.*

ЧУМКУУР *ыск.* чумкугуч; *арам өрдөктөрдү чумкуур өрдөк деп да койот* (бул өрдөк катуу толкун же жаан – чачында жана жырткычтардан сактанганда жаш балапанын жонуна отургузуп алып, жээктен алыс сүзүп кетет).

ЧУМЕК *жжол.* оозу капкаксыз, мойну түз, чайнек сымал темир идиштин аты; *чумекке чай кайнатпайт.*

ЧУНАК *пам.* 1. чакмак таш ойнунда аты жок менен сөөмөйдү жерге тике коюп, ортонду артка тартып, ага таштарды киргизүү; *чукур конушта чунак ойногонбуз;* 2. *зам.* малдын кулагынын үстүнөн чырпып кесилип салынган эн; *чунак эн салат;* **чунак кулак** *өзг.* кулагы катуу, керең; *атам мени чунак кулактыкынан жаады алып кел деди.*

ЧУНДУ *алб.* сабы жок, кичине карапа; *чундуга жүгөрү, бүwдай салып койот же максым ачытат.*

ЧУНКИ *батк.* бирок; *атайы базарга бардым эде, чунки Акжол келеди.*

ЧУҢ I *батк.* чукулдук; *чуң менен жер жумшатат.*

ЧУҢ II *жерг.* сабынын узундугу 60 – 70см келип, өзү чоюндан куюлуп, бир жагы омкормо, бир жагы учтуу келген кайлоо; *чотол бер деп какшанганга чуң берген.*

ЧУҢ III *суз.* темир шынаа; *чорток бовосоң чуңду тез как.*

ЧУҢКУЙ *ноок.* чуңкурча; *чуңкуйга түшүп кетти.*

ЧУҢКУМА *тянш.* чуңкуп кетме; *сууга батты чуңкума.*

ЧУҢКУР *атб.* устачылыкта кооздукка из түшүрө турган аспаптын аты; *чуңкурдун да өз милдети бар.*

ЧУҢКУРЧУК *чүй.* чуңкурайган жер; *чуңкурчукка аз оолок чөп чыккан.*

ЧУП *жжол., эск.* кымбат баалуу нерседен (алтын, күмүштөн) жасалган идиштин аты; *чуп, чермий, кулакчын дейт, азыр алар жок.*

ЧУР *атб.* топ же кыска жыгач тээп, ойной турган оюн; *чур ойнойлу.*

ЧУРА I *ал., жерг.* жылкынын көрүнгөндү тиштеп, каны токтоло калып тез өлүп кете турган оорусунун аты; *онун аты чура болуптур.*

ЧУРА II дүрбөө; *эшикке карап чурады;* аттын бүгүлө түшүп, алга сермелиши; *ээ, жәнивәр, чурап тәштәйт экен.*

ЧУРААЗ *өзг.* ачуу, каар; *чурааздан байкас кылвады.*

ЧУРАТ *өзг.* ат чабуу; *коштоп алып бир атты Сәйип кыраан чуратты.*

ЧУРГУНАС *чатк.* канаттуунун бир түрү; *жыланды кулгунага дары дедиңиз, чургунастын дарылыгы болову?*

ЧУРДА *түшт.* коркуп чыга качуу; *эшикке карай чурдайт.*

ЧУРЕК I *түшт.* жука жабылган нан; *чурек дегениң татты нан.*

ЧУРЕК II *жерг.* чоор; *чурек тартып отурган койчу жалт этип карады.*

ЧУРЕККИ *батк.* чүкө ойнунун бир түрү; *чурекки ойногон тетирди оңго сал.*

ЧУРК *түп.* күбөө жеп тегерете оюлган оюк; *ар жерин күвөө жеп тешиги чурк болуптур.*

ЧУРКА *алб.* ороп – чөргө; *башыгычты чуркап койчу.*

ЧУРКАЙТ *чүй.* аябай бүлүк салып талоо; *көп мал алып бүлүктү чуркайткан.*

ЧУРМУЙ *ал., өзг.* ордо ойнунда чүкөлөр атылып бүтүп, кандын жалгыз калышы; *алыс атса, чура болову же чурмуй калавы?*

ЧУРТ I *батк.* 1. тез эле, бат эле; *чурт эсимде жок*; 2. такыр, түк; *чурт билбеймин ону.*

ЧУРТ II *пам.* чорт; *мына путум мына жериден чурт сыныптыр.*

ЧУРТЛЕКЕЙ *тал.* беш таш ойнундагы он биринчи илик; *чуртлекей шаркылдакейден кийин.*

ЧУРУЙ *батк.* өйдөсүн, мыктысынуу, түзүксүнүү; *чуруйган әкем деп койду.*

ЧУРУК I *ал.* кичинекей электин бир түрү; *Сантайдыкында чурук бар, апкеле кой.*

ЧУРУК II *түшт.* ызы – чуу, кыйкырык; *экөө тең тың, үй ичи чурук.*

ЧУРУК III *тал.* жылкынын териси улам бир жеринен жарылып, ириң – кан чыгып ооруган оорусу; *жылкы чурук болсо, көсүн тасалайын.*

ЧУРУК IV: урук – чурук *батк.* урук – тукум; *урук–чуругувуз сегиз.*

ЧУРУКТА *пам.* чуркуроо; *олор чурукталып келатат.*

ЧУРУЛДАЙ *өзг.* ызы – чуулу, чуулдак; *чурулдайдын айлывыз, чурулдасак мәйливиз* (бул туюнтма чурулдаган кезде гана айтылат).

ЧУРЧУР *жерг.* чикит ойнунда утулган жактын чымылдап жүгүрүшү; *чурчур деп белгилеген жерге жетиш керек.*

ЧУРЧУТ *баткч.* адамгерчиликсиз, кара мүртөз, сөзгө түшүнбөгөн адам; *чурчут экенсиң гәпкә түшүнбөгөн.*

ЧУСТ *батк.* төрт бурч келген сайма; *допусун чуст кылыптыр.*

ЧУСТООК *зам.* тооктун кичине түрү; *чустоок катык жүгүрөт.*

ЧУСТТОПУ *жерг.* өзбөкче топунун бир түрү (Чуст деген жердин атынан аталган топу); *балалуw чоорго чусттопу бербеген.*

ЧУТКОРУ *лейл.* жайра; *чуткору деген кәттә болот, ону чуткору йәм дейт.*

ЧУУ *түшт.* чүкө ойнунда үч чүкөнүн бөгө, бир чүкөнүн чиге түшүшү; *чуу болуп, онон эңке чоконго кирди* (ордого улам бирден чүкө кошуп ойноо).

ЧУУГА *ыск.* ушак, айың, чуу; *жаман адам ууга жүрөт, артынан чууга чыгат.*

ЧУУДАН *алб.* жер жарган ызы – чуу; *желигип кулак жапырвайт, жер жарылган чууданда.*

ЧУУК *ноок., суз.* чыбык; *майда чууктар менен койдун жүнүн тытат.*

ЧУУЛУК *түп., атб.* тамакты батыра иче албай калуу; *чуулугуп калган окшойм, тамак иче албай койдум.*

ЧУУРГАН *ал.* ызы – чуу; *чуурганды анча жакшы көрвөйт экен.*

ЧУУСА *атб.* кантала; *ой, үкәжан, чуусаны кантип билвейсиң.*

ЧУУЧАЛАКЕЙ *түшт.* чикит ойнунда балакайын тикесинен чабуусу; *ой, әкежан, чуучалакейди чава алвадың.*

ЧУЧУК I *тал.* тамекинин майда

жалбырактарын сүйрү кылып тизип илип койгондогусу; *чучукту түлкүгө кошуп алып кой.*

ЧУЧУК II *карс.* чулдур; *тили чучук.*

ЧУ: чу–чу *жерг., батк.* кой – эчки, уйду айдоодо чек – чек, кош – кош, өш – өш мааниде колдонулчу сырдык сөз; *сыйырды чу–чу деп далага кошот, кой–эчкини чу–чу деп әйдәйт;* **чу–чу–ок–ок** көп уйларды айдоодо колдонулуучу сырдык сөз; *чу–чу–ок–ок! – деп, далачылар да келе жатат.*

ЧУВӘР *батк.* чаар; *чувәр койдун бир жери ак, бир жери кара, бир жери кызыл болуп кетет;* **ала чувәр** *лейл.* ала чаар; *караса бир ала чувәр адам чыгат.*

ЧУВӨК *ал.* жалындай кызгылт; *оттогон оту чувөктөй, жүнү мәйни живектей.*

ЧУГӘ I *жерг.* чөгөлөгөндүк; *салкын жерде чугә кылып отурат.*

ЧУГӘ II: чугә–чугә *батк.* түвөй – түвөй (сырдык сөз); *өз баланды ала кой, өз мээримиң сала кой, чугә–чугә–чуш; өз баланды алвасаң, өз башыңа көргүнсүн чугә–чугә чуш.*

ЧУГӘЛӘ *жерг.* чөгөөлөө; *чугәлән калат, айлар–жылдар өтөт.*

ЧУГӨ *жерг.* чиге; *ашыгым чугө түштү.*

ЧУГӨШ: чугөш–чугөш *батк.* эчкини сааганда жоошутуш, тынчтандырыш үчүн айтылуучу сырдык сөз; *эчкини сааганда чугөш–чугөш деп туруп, эмчегини тарс бир койот.*

ЧУГУЛӨ *жерг.* чүчүлөө; *ол улагыны чугулөдү.*

ЧУГУШ: чугуш–чугуш *батк.* эчкини сааганда тынчытуу; *эчкини чугуш–чугуш! – деп зорго саады.*

ЧҮЙ *ноок.* дөңгөлөк чыгып кетпес үчүн күпчөктүн сыртынан сайылуучу шиш же бурап коюучу темир; *араванын күпчөк, кегей, увәлик, шаты, чүйүн көрсөтүп бериң.*

ЧҮЙВӨ: чүйвө–чүйвө *жерг.* бош, шалкы, жыйынтыгы жок; *чүйвө–чүйвө болуп жүрөт.*

ЧҮЙГҮМ *жжол.* чүйгүн; *мага чүйгүмүнөн биртке кесип берчи.*

ЧҮЙКӨ I *чатк.* жүндүн түйдөгү; *чүйкөм да түгөнүп калган тура.*

ЧҮЙКӨ II *жжол.* бетинин оту чүрүшүрөөк тартынып көрүнгөн өң; *бети кара чүйкө, орто бой.*

ЧҮЙКӨЛӨН *жжол.* кара тору тартып чүрүшүү; *өңү чүйкөлөнүп кетиптир.*

ЧҮЙКҮЛ *тал.* кара жышын келген өң; *кара чүйкүл тарткан үлүн кара.*

ЧҮЙЛӘЙ *батк.* арави килем, таар соккондо аркакты жүгүртүү үчүн ал байланган 30 – 35см узундуктагы ичке таякча, жыгач; *биттә чүйләй апер–ow–мәйли.*

ЧҮЙМӨ: үймө–чүймө *жерг.* ар кыл нерсенин үйүлүп апырылып – сапырылып жатканы; *карачы, бүт бойдон үймө–чүймө болуп калыптыр.*

ЧҮЙӨК: увак–чүйөк *чүй.* мал сойгондо териде калган майда – чүйдө кесинди эт – май; *жана бир кемпир увак–чүйөк майын жыйып алды.*

ЧҮЙПӨЛӨҢ *батк.* үрпөйүү; *чөжө чүйпөлөнүп калыптыр.*

ЧҮЙРҮ I *жерг.* көздөрү электикинен чоңураак келген кичирээк калбырдын бир түрү; *эгинди чүйрү менен тазалайттар.*

ЧҮЙРҮ II *батк.* эгинди үйрүп тазалоо; *чүйрүп тазалаганда чары чыкты.*

ЧҮЙРҮ III *тал.* өкчөмөк ойну чүкөнү эки жагынан кармап ала салдырып үйрүү; *мурун бүткөн адам бир жолу чүйрүйт.*

ЧҮЙРҮК *жжол.* оозу – мурду чүйрүйгөн; *төw–төw түйрүк, эрди–мурдуң чүйрүк.*

ЧҮЙРҮМ I *лейл.* 1. бир азга, бир демге; *чүйрүм эле увак бер*; 2. антракт; *эмки чүйрүмдө ойундан кетели.*

ЧҮЙРҮМ II *жжол.* 1. үч чүкө менен калчап ойноло турган оюн; *учум–учум үч чүкө, хан таламай көп чүкө, оңко турса оң чүкө, уwру болгон чик чүкө деп, чүйрүмдү баштайт*; 2. *жжол.* чүкө ойнунда "үч" деген санда туюндуруучу сөз; *экинин туйу чүйрүм он үч; төрттүн туйу чүйрүм жыйырма үч*; 3. *тал.* чүкөнүн кыйыр ойнунда чиге же тааны, бөгө же алчыны тандап, чүкөнү "чүйрүү"; *чүйрүм чүкө ойнунда гана болот.*

ЧҮЙРҮНДҮ *лейл.* кырмандагы эгиндин ыпыр – сыпыр, чар – чуру; *эшик ачып, кол таштап, чүйрүндүнү төгүп кетти.*

ЧҮЙРҮТ *тоң.* сырдык сөз төөгө карата эликтөө маанисинде айтылган сөз; *чүйрүт–чүйрүт десе төө качырат же тескери басат.*

ЧҮЙТ *ыск., чүй.* тоокту айдаганда айтылчу сырдык сөз; *Чүй–Атада деле чүйт дейт.*

ЧҮЙҮЛ *жерг.* чүйүрүү; *чүйүлүп чүчвәрә түйсүн деп.*

ЧҮЙҮР *батк.* эгинди калбырлаганда бир жагына оодара үйрүп тазалоо; *дан салган өткөрмөнү сәәл кыйшайтып чүйүр.*

ЧҮЙҮРМӨ *жерг.* аарынын уюгу; *ойокко өтөт зуw–зуw, буйакка өтөт зуw–зуw, әлхамдусун окуган, чүйүрмөсүн токуган* (таб. аары).

ЧҮЙҮРМӨЧҮ *жерг.* "чүйүрмө" жасай турган киши; *чүйүрмөчү чүйүрмө токуйт.*

ЧҮЙҮРӨК *ттор.* шырдак, ала кийиз ж.б. түшүрүлө турган көчөттүн карандаш, бор же туз менен из түшүрүп алган үлгүсү; *сүрөттү чүйүрөккө тартып алат.*

ЧҮК *өзг.* тим, жөн, тынч; *чүк, болду чаңытва.*

ЧҮКӘ *жерг.* чүкө; *айылдын ашы пыштывы, чәйин–чүйүн иштиви?, кел энди чүкә ойнойвуз.*

ЧҮКӘЛӘК *жерг.* чикит; *чүкәләктә ойун башы, башы–башы, кайрак ташы, кайсынысы, жапалагыбы же жумурусубу? – дейт.*

ЧҮКҮВӘШ *батк.* кичине тоголок; *о чүкүвәш силердикиге кеген экен.*

ЧҮКҮЙ *батк.* бүкчүйүп башты ылдый салуу; *о чүкүйвей бери басың.*

ЧҮКҮЛҮ *зам.* чүкүрт; *чүкүлүнүн даамы кыйгыл, түсү көк кызыл болот.*

ЧҮКҮРӘНӘ I *батк.* тушоо тою; *баланы отургузганда чүкүрәнәгә чакырат* ("чүкүрән" болуп да айтылат).

ЧҮКҮРӘНӘ II *лейл.* чүкүрү; *базарда чүкүрәнә сатавы?*

ЧҮКҮРДҮК *чатк.* чүкүрү; *чүкүрдүк далдайган–далдайган болот.*

ЧҮКҮРӨЙ *сүл.* кабырылуу; *чүкүрөйгөн сандыкты чүкүрәнде берем.*

ЧҮКҮРҮН *акт.* буйткалуу жай; *караган–чер, чүкүрүндө бүтүп, акыйып кала берет.*

ЧҮЛӘН: пәлән–чүлән *ал.* палан – түкүн, палан – пастан; *пәлән–чүлән дей берет.*

ЧҮЛГҮ *батк.* жоолук таштамай ойну; *чүлгү ойноп, онон чил кекиликтей тарап кетти.*

ЧҮЛГҮР *тал.* сузгуч; *чүлгүр сатып алдым.*

ЧҮЛДҮЙ *батк.* өтө эле азуу, арыктоо; *ой, воой, жүдә де чүлдүйүп кетипсиң.*

ЧҮЛДҮР *жерг.* чүкө калчаганда айтыла турган сөз; *чүкө чулдур, элди күлдүр.*

ЧҮЛДҮРӨТ *жерг.* азыраак суюк нерсени чалып жиберүү; *әйрәнди чүлдүрөтө койчу.*

ЧҮЛДҮРЧӨК *жерг.* айран чалгыч; *кичине гана чүлдүрчөк өтүгү менен суw кечет* (таб. "чакчоw").

ЧҮЛЖҮЙМАТ *ыск.* дайыма

чүлжүйүп жүргөн адам; *аа, ата, чүлжүймат, сен да бул жердесиңби?*

ЧҮЛӨШЧҮН *зам.* колго суу куя турган идиш; *чүлөшчүндү кайда койду?*

ЧҮЛҮ I *лейл.* өрүктөн жасалган компот; *өрүктөн чүлү жаса.*

ЧҮЛҮ II *батк.* чүрүшүп жетилбей калган мөмө; *чүлүсү бовосо да чекенде өзүнү чек ойлойт.*

ЧҮЛҮ III *батк.* эки топ болуп ойногон оюнда чүчү кулак калган бала; *Лаптыга чүлү болуп кошулайын* ("чүлү" болгон бала өз каалоосу менен, бирде бул, бирде тигил топко кошулуп ойной берет).

ЧҮЛҮ IV *батк.* жашынмак ойнунда эрежени бузуп койгондо айтылчу сөз; *чүлү–чүлү сен көрүп койдуң.*

ЧҮЛҮ V *ноок.* 1. сүзүп чыгуу; *кеч курун чүлүп чыгат*: 2. челүү; *чүлүп ташады, кысталак.*

ЧҮЛҮК *жерг., эск.* 1. кырман басканда анын ортосундагы мамыга айланып тургандай кылып жасалган тегерек нерсе; *чүлүккө аркан бәйлән, онон ого өгүздөр чиркелген;* 2. *жерг.* "чакчоону" казыкка бекемдеш үчүн арчадан ийилип жасалган илгич того; *күwүнүн чакчоwу, живи, чүлүгү, казыгы болот*; 3. *жерг.* карагайды сүйрөтүү үчүн баш жагына оюп чыгарылган илмек; *карагайдын кавагын аарчып, анан чүлүк чыгарды;* 4. *тяньш.* ийиктин көзүнө өткөрүлчү кыска, ичке куурай, жыгач; *чүлжүйгөн түтөт, чүлүктү сындырып албадывы*!; 5. *жжол.* мурундун буйласы; *мурдунун чүлүгүн сөөмөйү менен жанып алды.*

ЧҮЛҮЛҮ *жжол.* үлүл; *чүлүлү баш–айагын жыйып алат.*

ЧҮЛҮЛҮW *жжол.* уйду букага куудурганда айтылуучу сырдык сөз; *жалма чокон ойновой кал* (ордо ойнунда чоконду экинчи ирет атуу); *чүлүлүw дегенди билбегениң эмне?*

ЧҮМБӨТ *сүл.* одеяло, кийиз, таардан убактылуу жасала салган баш калкалагыч; *чатыр, балаган, чүмбөт жывырайт.*

ЧҮМГӨК *чүй.* купол; *чүмгөктө конуп отурган каргавы, эмне?*

ЧҮМКӨЛӨ *чүй.* кайра – кайра чүмкөө; *чүмкөлөп отуруп жаман үйрөтмөк болдуң.*

ЧҮМӨ *батк.* тегерете курчап калуу; *бардыгы эде чүмөп алыптыр.*

ЧҮМӨК I *батк., өзг.* жүзүм мөмөсүнүн даамга кирип кызарыңкы тартып калган мезгили; *жүзүм чүмөк уруптур.*

ЧҮМӨК II *атб.* кийим тигүүчү кол машинанын чүмөгү; *машинанын чүмөгү түшпөй калвасын.*

ЧҮМӨК III *алб.* кол жууганда колдонулуучу кичине идиштин аты; *чүмөк менен колго суw куйду.*

ЧҮМӨК IV *атб.* илгерки милтелүү мылтыктардын түтүгүндөгү дары салгыч оюгу; *мылтыгынын чүмөгүн чукулап отурган экен.*

ЧҮМӨЛ: көк чүмөл *алб.* жашаң, майдан; *көк чүмөлгө көрпөчө сал.*

ЧҮМӨЛӨК I *өзг.* чөмөлө; *чүмөлөк жакка өтөлүк.*

ЧҮМӨЛӨК II *пам.* мүйүздүн жарым тогоодой ийрейген түрү; *чүмөлөк мүйүз топозду кара, салык мүйүздөн кәттә экен.*

ЧҮМӨЛҮ *жерг.* 1. майда кара кумурска; *молдодон нан сурава, жыландан айак сурава, чүмөлүдөн каз сурава, котиптән кагаз сурава, ындыдан сурма сурава;* 2. өтө көп, арбын; *чучкак эмес, тим эле чүмөлү.*

ЧҮМӨРӨК *ал.* оңко – чоңко; *текени бир атса эле чүмөрөк атып кетти.*

ЧҮМЧҮ *түп.* жүдөп какоо; *түндүк чучук жок* (жалаң казыдан жасалган чучук) *чүмчүп калгансыңбы?*

ЧҮМЧҮЛӨ *ыск.,чүй.* бир нерсени аз – аздан (өлчөп) расходдоо; *чүмчүлөп аш ичкен.*

ЧҮНКЕЛЕЙ *тяньш.* чоюн казан; *чоо болуп ооруган төөнүн этиви чүнкелейдеги?*

ЧҮНЧҮ *жумг.* аялдын боюна бүткөндө эки жамбашы менен сан сөөктүн кошулган жерин какшатып ооруткан оору; *байкушту чүнчү басып жүрөт окшойт.*

ЧҮҢ *батк.* кайлоо; *өзүдан ак ит кирип кара ит чыкса, чүң менен коркутар.*

ЧҮҢГҮЛ *тяньш.* чүкө; *чүңгүлге эт салса болову?*

ЧҮҢКЕРЕК *батк.* чуңкурча; *чүңкерек эңиш жер.*

ЧҮҢКӨЛӨЙ *тяньш.* чүңкө; *чүңкөлөй изден кетти көрүнөт.*

ЧҮҢКҮ *чүй.* жүдөө тартуу; *чүңкүп жүрүп жоголуп кеткени жок.*

ЧҮҢКҮЛДӨ *пам.* кобурашып сүйлөшүү; *агай биздикиге барсын, биз да чүңкүлдөшөлү дэ.*

ЧҮҢӨТ *чүй.* чүнчүтүү; *жашоо сени чүңкүтпөсүн билем.*

ЧҮҢӨЛӨК *жерг.* түбү терең ичке идиш буюмдун аты; *чүңөлөгүнү сурачы.*

ЧҮҢӨТ *түшт.* 1. тоо арасында күн тийбей турган калканч, ойдун; *күн тийбеген чүңөттөн түшө алвай чүнчүп отурам;* 2. *ал.* бөйрөктүү келген чуңкур; *Терген-Таштын бери жагындагы Ничке-Суудан тапкан казандын ичи чүңөт экен* ("өңөт" деп да айтылат).

ЧҮҢҮЛҮК *тяньш.* чүңгүл; *иймек чучуктан* (жалаң казыдан жасалган чүчүк) *чүңүлүккө бир салчы.*

ЧҮӨ *чүй.* бирөөгө тыюу кылганда айтылчу сырдык сөз; *чүө, уйат эмеспи, сүйлөй бересиңби?*

ЧҮП *лейл.* итти айдап кубалаганда айтылчу сырдык сөз; *чүп, ак мойнок, тур кет!*

ЧҮПҮЛӨ *тоң.* үйрүлө түшүп эркелетүү; *энеси келип чүпүлөп койот, болбосо жүрө бергидей.*

ЧҮПҮРӨН *зам.* жаш балага арналган кичине той; *бүгүн баласыга чүпүрөн кылат экен.*

ЧҮПЧҮК *батк.* тар, кичине; *чүпчүк челек экен.*

ЧҮР: чүр-чүр *зам.* балдардын чуркап ойногон ойнунда борборду коруп турганда айтыла турган сөз; *чүр-чүр дешет да турат.*

ЧҮРВӘК *ноок.* 1. дөңгөлөк; *чүрвәгиң чызыктан өтпөсүн;* 2. *лейл.* дөңгөч; *чоор атты әлги чүрвәктин бутагыга бәйлэп кой.*

ЧҮРВӨКҮ *батк.* өңү ак бадыракай жүзүмдүн бир түрү; *чүрвөкү жүзүмдөн быйыл дагы эгем.*

ЧҮРВӨН *жерг.* козу камап коё турган жай; *козуну чүрвөнгө салып кой.*

ЧҮРГӨ I *зам.* ороо́ч; *чүргө о көзү курч чүңүрөкөй кэмпирдэ.*

ЧҮРГӨ II *атб.* 1. жаза салуу; *учурунда кагазга чүргөп салбаса унутуп калат;* 2. *зам.,* ороо; *баланы чүргөп ал.*

ЧҮРГӨК *ош, өзг.* жалаяк, ороо́ч; *ана, чүргөктө көзүн жылтыратып жатат.*

ЧҮРГӨЛ *жжол.* оролуу, илешүү; *кемпирдин көйнөгүнө чүргөлүп калды.*

ЧҮРГӨӨ *өзг.* ороо́ч; *жаш баланын чүргөөсү кана?*

ЧҮРКӘШ *зам.* балдар экиге бөлүнүп, бир тобу "борбор" коргоп, бир тобу чабуул жасап ойногон оюндун аты; *чүркәштә айагыны колуга кармап жүгүрөт.*

ЧҮРКӨ I *ал.* майда чиркей; *чүркөсү көп жер экен.*

ЧҮРКӨ II *зам.* ороп, жабуу; *күн асманда бүркөлү, күндөй бетим чүркөлү.*

ЧҮРКӨЙ *батк.* торопой; *доңуздун баласыны чүркөй дейт.*

ЧҮРМӨК I *жжол.* чорго; *чоң самоордун чүрмөгү сынык.*

ЧҮРМӨК II *түнд.* кандайдыр бир

нерсеге көпөлөк орогон тегерек ак нерсе; *көпөлөгүң куурайга чүрмөк оройбу?*

ЧҮРМӨКТҮҮ чорголуу; *чүрмөктүү челек алышып жүрөт.*

ЧҮРӨЙ *батк.* селейүү; *чүрөйүп көчөдө кетип жатат.*

ЧҮРӨК I *батк.* чунак; *чүрөк адамда йәм, малда йәм болот.*

ЧҮРӨК II *батк.* делдек; *чүрөк аваң келатат.*

ЧҮРӨК III *батк.* кичине кылып быңшырылган нандын бир түрү; *бейваштыкты пышырып жей велең, ие,чүрөк же.*

ЧҮРӨК IV *ноок.* туурдуктун жогор жагындагы үч бурч келген жүрөк түрүндөгү кооздугу; *онусу–чүрөгү, онусу–турна катары.*

ЧҮРПӨ I *зам., лейл.* торопой; *тоңуздун майда балдарыны чүрпө дейт.*

ЧҮРПӨ II *өзг.* кичирээк бүркүттүн бир түрү; *жарты чокон жарытпайт, жарытса да байытбайт дегенден көрө чүрпө таптасаңчы.*

ЧҮРПӨК *чатк., түшт.* жалаяк; *баланы чүрпөк менен оро.*

ЧҮРПӨЛӨ *зам.* торопойлоо; *айрымдары аз, айрымдары көп чүрпөлөйт.*

ЧҮРПӨН *алб.* чүпүрөк – чапырак; *чүрпөн эле болсо бат табылат.*

ЧҮРТҮК *батк.* кулакчын; *чучук үзүлдүгөчө* (үзүмчүлүк учурга чейин) *чүртүгүнү тәштәвәйт.*

ЧҮРҮ: ЧҮРҮ–ЧҮРҮ чүчү кулак; *менин шеригим жок экен, чүрү–чүрү болойун* ("чүрү – чүрү" калган киши эки тарапка тең кошулуп ойной берет).

ЧҮРҮК I *жерг.* бөдөнөнүн үнүн туурап чакыруу үчүн жасалган ышкырык сымал буюм; *чүрүк менен бөдөнө чакырат.*

ЧҮРҮК II *пам.* кичине электин бир түрү; *чопсо менен чүрүктү ала кел.*

ЧҮРҮК III *лейл.* начар; *ахвал кандай, чүрүкпү, түзүкпү?*

ЧҮРҮЛДӨК *лейл.* ышкырык; *чүрүлдөк менен качырып чыкты.*

ЧҮРҮМ I *лейл.* бирин – серин, суюк (өсүмдүк жөнүндө); *айуу от чүрүм–чүрүм өсөт.*

ЧҮРҮМ II *чүй.* бышык, чыйрак; *кетилбес чүрүм мылтыктай.*

ЧҮРҮШТӨ *өзг.* битирленүү, сараңдык кылуу; *колун чүрүштөткөн киши жиликти кайдан чыгарсын.*

ЧҮРЧҮ *пам.* илмигий; *чүрчүдөй бала чүү карганын кичик экенин кайдан билсин.*

ЧҮСТЕ *пам.* жука, ак товардын бир түрү; *әнжийәндин ак чүстеси менен бир чуу шоону берет.*

ЧҮТӨН *пам.* боору ак, башында үкүсү бар канаттуунун аты; *Памирде алимерген, какыр чулдук, күчүк тувар, киши дуурар, маңка чымчык, сары айгыр, увак, чүтөн дегендер болот.*

ЧҮТҮКБАЙ *чүй.* жаш баланы эркелеткенде айтылчу сөз; *кичинекей чүтүкбайынан ии...ува–ува...*

ЧҮТҮКӨ баланы эркелеткенде айтыла турган сөз; *кичинекей чүтүкөсүнөн секет кетейин.*

ЧҮЧ *тяньш.* чакмак таш, чикит ж.б. оюндарда өнөк болуп бөлүнгөн учурда түгөйсүз калгандык; *чүч калсаң, эмне болот?*

ЧҮЧӘЛӘ *батк., эск.* илгери жыландын ашын камыртурушка чыктап кырк күндөн кийин уу катары колдонгон дары; *чүчәлә жеген мүрт кетет* (илгери бул "чүчәлә" мергенчиликте колдонулган экен, азыр андай жасоо эскирген).

ЧҮЧКҮРӨК *жерг.* жыты ачуу келип, жалбырагы быдырала болуп, тоо башына чыгып, мал жебей турган өсүмдүктүн аты; *чүчкүрүктүн атаравыга чөп чыкпайт.*

ЧҮЧКҮРТКҮ *пам.* узун чыгып, тамеки сымал жыт чыгарган, кызыл түстүү өсүмдүктүн аты; *чүчкүрткү койдун ичини көптүрөт; чүчкүрткү тийди беде? эмне тынч албайсың.*

ЧҮЧМЕКИ *жжол.* жергиликтүү; *бизди чүчмеки десе чычалап кетчү.*

ЧҮЧӨ I *өзг.* оорунун аты; *чүче болуп калыпсың, оордо ич.*

ЧҮЧӨ II: чүчө – чүчө *түнд.* эчкини чакыруу үчүн колдонула турган сөз; *чимейилдей улактарыңды чүчө – чүчө дейсиң да.*

ЧҮЧПӘРӘ I *өзг.* 1. адегенде картошканы бышырып, аны аарчып, анан пияз аралаштырып, камырга түйүп, бууга бышырган тамак; 2. *зам.* тууралган эт, пияз, калемпир салынып бышырылган нандын түрү; **чүчпәрә түйә** *ноок.* чоң – чоң жасалган чүчпара; *чүчпәрә түйә дегенден сүйөгү жок гөш алдым;* **чүчпәрәни кәм санамак** *карс.* көз боёп кетүү, алдоо.

ЧҮЧПӘРӘ II төрт бурч, ромбик түрүндө жасалган тамандуу шакектин бир түрү; чөп пиштемейде утулуп калып кыз – келин ширеңкенин талындай чөптү тиштеп турганда жигит ырдап келип, ал чөптү кайра тиштеп алып ойногон оюндун аты; *чүчпәрә жасатып берген.*

ЧҮЧҮ I *пам., батк.* таттуу, даамдуу; ачы *менен чүчүңү билген киши бар бекен?* **чүчү дәнә анар** *батк.* данеги ала бөйрөк, даамы таттуу анардын сорту (кээде ал "нәмәнгән анар" деп да аталат).

ЧҮЧҮ II *батк.* уюу; *айраным чүчүп калыптыр.*

ЧҮЧҮК I *зам.* таттуу, ширин; *тиземде ойноп зор болгон тили чүтүк бала элең;* **тили чүчүк, бowру таш** *пам.* дили катуу, боору таш деген туюнтма.

ЧҮЧҮК II *жжол.* чүчөк; *чүчүк болвосун деп чочуйт.*

ЧҮЧҮКТӨ *жерг.* чүчөктөө; *бала чүчүктөп уктавады.*

ЧҮЧҮЛҮ *пам.* таттуусу бар даам; *ачылы менен чүчүлүнү таткан билет.*

ЧҮЧҮМАМА *жерг.* бою 30 – 50см келген, гүлүн шимирип соруурга боло турган өсүмдүктүн аты; *чүчүмаманын гүлү ширин* (Шаартуз тарапта өсөт).

ЧҮЧМИЙӘ *батк.* өңү кара келип, кызыл гүл алып, бир жарым метрге чейин өсө турган өсүмдүктүн аты; *чүчүмийәни мал жей берет.*

ЧҮЧҮМӨ *батк.* таттуу тамак; *варенье ачымасы болсо, чүчүмөсү йәм бар.*

ЧҮЧҮН *зам.* түшүнүү; *ону жүдә чүчүнө берведи.*

ЧҮЧҮТ *зам.* бир нерсени кыздыруу, дак кылуу; *ак майды чүчүтүп кой.*

ЧҮЧЧҮ *батк.* чүчү – чүчү (сырдык сөз); *кайт, чүччү, кәл эчки.*

ЧҮШ *ыск.* тоокту айдап – кубалаганда айтылчу сырдык сөз; *чүш деп кой, тиги коройду.*

ЧҮШТАЙАК *батк., эск.* кызды көчүрүп келе жатканда үйгө жакын калып токтоп, кайнатага кабар жиберүү.

ЧҮШТӨН *чүй.* корстонуу; *чүштөнө күчтөнүшүп эшик алдында жүрүшөт.*

ЧЫ *жерг.* чакты туюндурган этиш сөздөрдөгү чак мүчөдөн кийин келүүчү бөлүкчө (сөз); *ол да барат чы; ол келди чи; мен ойокко баргам чы* (бул бөлүкчө ойду бекемдеген "да" деген күчөткүчкө маанилеш келет; "арыды чы – чарчады да", бердичи – "берди да...").

ЧЫВАЛЖАҢ, чывалчаң *суз.* сөөлжан; *сары чунак берсе да, чывалжаң казбайм.*

ЧЫВАНДЫК *чүй.* бой

көтөргөндүк; *менменсингендик; чывандык түпкө жетпей койвойт.*

ЧЫВАР *лейл.* чаар; *эй, чывар, жем менен саман аралаштырып тәрит кыл.*

ЧЫВАРЛА *лейл.* чаарлоо; *кийинги күндө кийизге ылвырай ойоордо чыварлайвыз.*

ЧЫВАТ *лейл.* бышманын кайнагандан кийин муздап коюланып калгандагысы; *чыватты бөлүп берведим, чырдан сендей көрвөдүм.*

ЧЫВАШ I *жерг.* тетик, тың; *чываш адам окшойсуң, зыңгырайсың тилләдәй.*

ЧЫВАШ II *тал.* 1. шыбоо, тер; *сымга орогон пуладай болгонуң менен бутуңдун чывашын байка;* 2. колоңсо; *колтугуң чываш болсо, көйнөктү бусат.*

ЧЫВЫДАН *лейл.* чийден жасалып, шыптан ылдый илип коюлган буюм салгыч; *айланайын кыз, чывыданга илип кой.*

ЧЫБЫК *ыск.* көрүнүш, келбет, өң – түс; *анан деле чыбыгы кыргыйдай болуп татынакай.*

ЧЫВЫҢДА *кочк., зам., жжол.* куйругу менен ойсолотуп чапкылоо; *күн ысыганда эчки чывыңдайт.*

ЧЫВЫР I *ыск.* буруусуз бүдүрү жок нерсе; *чын эле чывыры жок кызыл алма.*

ЧЫВЫР II *батк.* тыттын майда чаары бар бир түрү; *чывырдан туз тартпай кайра алып берди* (ооз тийбеди).

ЧЫВЫРАЛАКЕЙ *түнд.* майда – майда көзөнөк чаар; *чывыралакей болуп кооз экен; чывыралакей чаар майда – майда чаар; чывыралакей чаары бар көйнөк.*

ЧЫВЫРКАТАЙ *алк.* чыбыр ала; *чывыркатай өңү бар.*

ЧЫВЫРЧЫ *лейл.* чыбырчыктоо; *тивиртке чыгып тилим чыбырчыйт.*

ЧЫВЫРЧЫК *тыньш.* чаарчык; *эликтин чывырчыгы болсо атпа.*

ЧЫВЫСЫН *ыск.* бүркүттүн эң кичине бир түрү; *бүркүттүн кичинекейин чывысын байлооч дейвиз.*

ЧЫВЫТ *батк.* уялгандан беттин кызарып кетиши; *уйалып бети чывыт болуп кетти.*

ЧЫВЫТКЫ *тоң.* өрүмү майда сыйда камчы; *чачылуу чывыткы камчы өрүшөт.*

ЧЫВЫТЫЛАН *пам.* чый – пыйы чыгуу; *ичини ит тытып* (ичи күйүп) *чывытыланды.*

ЧЫГААН *пам.* чыгууга ыңгайлуу жер; *мен чыгаандан чыктым.*

ЧЫГААНАК *чүй.* коркок; *кийинки кезде чыгаанак болуп кетти.*

ЧЫГААНАЧ *батк.* чыгаанак; *терекке чыгаанач киши учудагы бутагыны калтырвай путайт.*

ЧЫГАГАНЧ *алб.* чыгаанак; *чыгаганчка көк чайдан берчи.*

ЧЫГАЙ *атб.* куудуң – шуудуну көп, тынчы жок, ушакчы, эки жүздүү; *чыгайдын бири экенсиң го* (кээде "чыргай" болуп да айтылат).

ЧЫГАН I *өзг.* бийикке чыгууга ыңгайлашкан бурч, тепкич, жер; *тамдын үстүнө чыган менен чыгып, жыгачтарды жерге түшүр.*

ЧЫГАН II *ноок.* тоонун чыгууга кыйын келген жери; *жайлowдун чыган – чыган жерлери көп.*

ЧЫГАНА *жерг.* ашыра; *чыгана жеп, чыгана берет.*

ЧЫГАНАЙ: аганай – чыганай *батк.* опоң – чычан; *мен тахтанын нар жагыга отурайын, аганай – чыганай ойнойвуз.*

ЧЫГАНДА *жжол.* тепкич; *чыганда четендин жанында пастек жайылып турат.*

ЧЫГАР: чыгар – чыгар *түшт.* коштун өгүзү бороздон ич жакка чыгып кетсе, кайра борозго кайруу

үчүн колдонулуучу сөз; *өгүз ичке кирип кетсе, чыгар – чыгар дейт.*

ЧЫГАСА *жерг.* чыгаша; *барвай койдуңку ишке, чыгаса болот белең?*

ЧЫГАТ *лейл.* чөп аз өскөн күңгөй, какыр жер; *койон томук чыгат жерде өсөт, көгүш гүлдөйт.*

ЧЫГУW *жерг.* 1. кызамык; *балага чыгуw чыгыптыр*; 2. суу чечек; *ак чыгуw чыгыптыр, тевилип чыга элек экен.*

ЧЫГЫ I *акт.* 1. ич кийим жасала турган ак кездеме; *чыгач устага чыгы арнадык*; 2. ошол кездемеден жасалган кийим; *чыгысын кийип көчөгө чыкты.*

ЧЫГЫ II *жерг.* эчкини айдаганда колдонулчу сырдык сөз; *арвай урган, чыгы – чыгы десем дә качат, ал эчки.*

ЧЫГЫЛ *ноок.* чыгарылуу; *кереге бойлоп чыгылат.*

ЧЫГЫМ *батк.* чыгыш; *күн чыгымды күн чыгыш деп жүрөттөр.*

ЧЫГЫМСАК *жерг.* чыгып кетүүгө ниет кылгандык; *ол чыгымсак богон имиш.*

ЧЫГЫН I *зам.* адырга чыга бере турган өр жер; *чыгыннан жаза баштайт.*

ЧЫГЫН II *чүй.* ашык расход; *бөөдө чыгыны жок.*

ЧЫГЫН III *батк.* артка карай кетенчиктөө, сүрүлүү; *көп эле чыгынбай нанга жакын отур.*

ЧЫГЫН IV *өзг.* сүйрөлүү; *чылбырды тиштеп чыгынды.*

ЧЫГЫН V *акт.* бел байлоо, макул табуу; *шайтан баскан тапанга жолобоого чыгынды.*

ЧЫГЫНДЫ I *зам.* 1. кашек; *ат бедеден көп чыгынды чыгарыптыр*; 2. калдык; *кәртишкәнин чыгындысы йәм болот.*

ЧЫГЫНДЫ II *зам.* заң; уйдун заңы; *паданын чыгындысынан таппак кылат.*

ЧЫГЫҢКУУ *түшт.* айга карай чыгып турган нерсенин көрүнүшү; *көкүрөгү чыгыңкуу тартып турат.*

ЧЫГЫР I *тянш.* кымыз кошулган сорпо; *сараң кыз менен өч элек, ошентсе да чыгыр берейинчи.*

ЧЫГЫР II *пам.* чүкө оюндун бир түрү; *бир топ балдар чыгыр ойношту.*

ЧЫГЫР III *түнд.* агын суудан өзү айланып, суу бөлүп алуучу, чоң бийик дөңгөлөк сымал келген, боорунда суу сузгучу бар байыркы курал (кээ бирде ал "чәркәпәләк" деп да аталат); *чыгыр айланбай калды деп, ого нимине чывытыланат.*

ЧЫГЫР IV: чыгыр камчы *атб.* кайышы өрүлүп жасалган камчынын бир түрү; *карагайдан чабылган дамбал ээрим, чыгыр камчым бар.*

ЧЫГЫРГЫЧ *алб.* ыпыр – сыпыр тазалап шыпыра турган нерсе; *чыпыргыч сата келчи.*

ЧЫГЫРМЫН *жерг.* ажырым; *ак ташты чегип ун кылам деп чыгырмын болду.*

ЧЫГЫРТ *чүй.* чыгырык ийрүү, тартуу; *айдын жарыгы менен чыгырык чыгырткан.*

ЧЫГЫРЫК *түнд.* кендир, жүн аркан ийре турган курал (Азыр чыгырык колдонуудан чыкты. Ал эки казыкка ортосунан тоголок жыгач өткөрүлүп жасалат. Тоголок жыгачтын өзөгүнө ичке жумуру темир өткөрүлөт да, анан ал айлантылат); *кичинемде далай жолу чыгырык тарттым го*; 2. *түшт.* пахтадан чигит бөлүп чыгара турган курал; *чыгырык менен чигит бөлөт*; 3. *ыск., тяньш.* кичинекей майда дөңгөлөкчө; *чыгырыгы айланбай калыптыр*; 4. *жерг., ыск.* бала баса баштаганда түртүп, басканды үйрөнүү үчүн жасалган кичинекей үч дөңгөлөктүү түрткүч; 5. *жжол.* жүгөндүн ооздугундагы тогонун бир түрү; *чыгырык жүгөндө да болот*; 6. койду кочкор куубас үчүн киндигине

өткөрүлүп коюлган тегерек кайыш; *кочкорго чыгырык өткөз, болвосо жакында жүгүрөт*; 7. *пам.* жип байлоонун бир түрү (казыктын бертмегине жипти чалып, бир учун үстүнөн алып кайрып, экинчи учун анын үстүнөн бастырып, ичин карай кайрып, сыртына тартып байлоо); *азowдy чыгырык кылып бәйлә*; 8. *атб.* чар токтогон кулжа; *чукурда бир чыгырык мүйүз жүрөвү?*

ЧЫГЫРЫК II *батк.* турник: *чыгырыкта жакшы ойнойт экенсиң.*

ЧЫГЫРЫК III: каш буура чыгырык *тторо.* бозонун даамы ачуу, чаңырып чыккан түрү; *бир кайнамы ичинде, алып урат кечинде дегениң да бозову, мову кара буура чыгырыкты айт.*

ЧЫГЫРЫКТА *пам.* "чыгырык" салып байлоо; *өч болвосок да чыгырыктап койолук.*

ЧЫГЫРЫКТАН *тал.* аркар – кулжанын мүйүздөй бүдүр – бүдүр болушу; *кулжанын мүйүзү чыгырыктанып, эки жак капталын көздөй өсөт.*

ЧЫГЫРЫМДА *чүй.* күндүн тейи бузулуп, жаай турган өндөнүп калуу; *күн жаачудай чыгырымдап турду эле.*

ЧЫГЫЧУW *жерг.* жар боорuна чыгуу үчүн жасалган жол; *чыгычuwгача эшекчен бардым.*

ЧЫГЫШ *тянш.* оюу, көчөттүн бир түрү; *мову ойукчу? – чыгыштыкы.*

ЧЫГЫШТЫК *чүй, ыск.* ажырашкандык; *баш кошкон жары чыгыштык кылат.*

ЧЫДАПТЫР *токт.* кичине устара; *кичикине чыдаптыр, чыдай албай жүгүрүп, тоодон отун кулаптыр* (таб. устара).

ЧЫЗ I: чыз–быз *жерг.* 1. куурулуп катыкталып тез жасала коюучу даамдуу тамак; *чыз–быз эте кой*; 2. *тал.* куурдак – суурдак; *өвүрө–чөвүрөлөрү көп, аларга тиги чыз–бызы жетеви?*

ЧЫЗ II *жерг.* өлүү буюм; *анавунун не чызы бар веде?* **tuwгандын өзү tuwган, чызы tuwган эмес** тууган адамдын буюму тууган эмес, өзү тууган.

ЧЫЗ III *пам., жерг., чатк.* сызуу; *үстүдөн чызып ташта.*

ЧЫЗА I *ноок.* сызык; *чызасыны тазараак чызгыр.*

ЧЫЗА II *ноок.* канчык; *назарым, чыза тигиндей чыгына түштү.*

ЧЫЗГЫР *жерг.* сызгыруу; *чызгырып койду ол Акмат әкәмдин чывырасыга.*

ЧЫЗМА *өзг.* шырдактын жээгин бастырган жип, ызгыт; *балам, чызма бастыра койолу.*

ЧЫЗЫВИЙРӘН *пам.* күйрөлөк; *чызывийрән түшүп кетти.*

ЧЫЗЫК *батк.* 1. сызык; *чызыктан өтпөйсүң*; 2. *жерг.* чийин; *жерге чызык тартат.*

ЧЫЗЫЛ *батк.* соконун дискасы; *төрт тә чызылы мана шонтип кетет.*

ЧЫЗЫЛДА *өзг.* кайнап сызгырылуу; *абдан ысуу*; *күн чызылдап кетти.*

ЧЫЗЫЛДАК *жерг.* чондугу аарыдай келген жандыктын аты; *чызылдак чыз–чыз этип жүрөт.*

ЧЫЗЫН *зам.* чийин; *балдар тегерек чызын чызат* ("чызым" болуп да айтылат).

ЧЫЗЫРА *ноок.* сызгырыла куурулуу, ысып чыгуу; *ава ачык болуп аптап чызырап турат* ("чыжыра" болуп да айтылат).

ЧЫЙ *жжол.* майда малды кайрып – тозуп кайтаргандагы ышкырык үн; *чый ышкырып он жандыгын алдына салды.*

ЧЫЙА I *түшт.* түз кеткен чыйыр; *кайнар булак, булак, кайнар булак үстүндө чыйа жол* (таб. көз, каш).

ЧЫЙА II *суз.* чие; *жипти чыйа кылып, чыйырдын бетиге әйдәп жүгөрдү.*

ЧЫЙА III: кызыл чыйа *батк.* кызыл ала; *кызыл ала чыйа болуп мушташса, зийани болот уруштун.*

ЧЫЙВЫЛ *тоң.* чиймит; *чыйвылдай башка нелер келип, нелер кетпейт.*

ЧЫЙВЫТ I *ыск.* чыймыт; *эчкинин чыйвытындай тепирейет.*

ЧЫЙВЫТ II *жерг.* өңү боз, өзү эң кичинекей, дайыма калың бутактардын арасында учуп – конуп жүрүүчү канаттуунун аты; *чыйвыт кышында болвойт, жазында келет* (көбүнчө ол "көр "чыйвыт" деп да аталат).

ЧЫЙКЫ *чүй.* ыйк – чыйк эткен дабыш; *чыйкы бир чыйкы үн чыгат.*

ЧЫЙКЫЛДА *ал.* суукта чыйрыгуу, үшүү; *чилде – чыйкылдаткан суук.*

ЧЫЙЛАК *жжол.* ызакор; *төw – төw чыйлак, катын – балаң ыйлак* (айрөктөгөн сөз).

ЧЫЙМА *суз.* ипичке; *чыйма жол, чыйма жолдун үстүндө кара токой* (таб. каш, чач).

ЧЫЙПАЛАКТА *тал.* тынчсыздануу, чый – пыйы чыгып шашуу; *тынч отура алвай чыйпалактай баштады.*

ЧЫЙПАЛАН *тал.* чый – пый чыгуу; *улама керек деп чыйпаланды.*

ЧЫЙПЫ I *ыск.* чыбый; *тооктун чыйпысы чыкты.*

ЧЫЙПЫ II: чыйпы – чыйпы *жжол.* тооктун балапандарын жемге чакырганда колдонулчу сырдык сөз; *чыйпы – чыйпы дегенин койо кал.*

ЧЫЙПЫЛДАК *ыск.* жалбырагы эки элидей узун ичке өсүмдүктүн аты; *чыйпылдактын жалвырагын далай чыйдылдаттык ко.*

ЧЫЙПЫЛЫК *ал., сейр.* төөнүн куйругу; *эки диңкилик, бир чыйпылык.*

ЧЫЙПЫЛЫКТА *ыск.* чыдамы кетип кыйпычылыктоо; *ооматы кетип, сыпсыйда кур калып, чыйпылыктап турат.*

ЧЫЙПЫТ I *алб.* мойну узун ичке келип, 15 – 20л суюктук бата турган идиш; *чыйпыттын жанында турат,*

ЧЫЙПЫТ II *чүй.* улактын чүкөсү; *чыйпытымды коштум.*

ЧЫЙПЫЧЫКТА *сок.* чый – пыйы чыгуу; *баланы койо берсеңчи эми деп чыйпычыктады.*

ЧЫЙРАК I *тал.* чыйыр; *төмөнкү жол – чыйрак жол.*

ЧЫЙРАК II *батк.* чыйралуу; *өзүнүн кесивиде иштесе чыйрагып кетет.*

ЧЫЙРЫЙТ *ыск.* тууранды сөз (жактырбай тескериленип калган мүнөздү туюндурат); *чыйрыйт – чыйрыйт этип эле жактырвайт.*

ЧЫЙРЫЙТТА *ыск.* тескериленип жактырбоо; *чыйрыйттаган түгөнгүр.*

ЧЫЙРЫКМА *ыск.* денени чыйрыктырып калтыратып калган оору; *ушундай бир чыйрыкмасы бар, теги бойун токтото албай калат.*

ЧЫЙРЫКТА *ал.* тиш кычыратуу; *тоо кышында чилдеде кирет, ошондо буурасы чыйрыктайт.*

ЧЫЙРЫКТЫРМА *түнд., терг.* безгек; *чыйрыктырмасы кармаптырбы?* (илгелгери безгек оорусун жогоркудан башка да, "жөөлүтмө, калтыратма, ысытма" деген сөздөр менен да тергешкен. Азыр бул тергөөлөр эскирген).

ЧЫЙРЫКЧААЛ *ыск.* улам эле чыйрыга берген жан; *чыйрыкчаал энемдин аркасын кучакта.*

ЧЫЙРАТЫНДЫ *ыск.* чыйрык; *чыйратынды өзү эле жанып кетпесин.*

ЧЫЙТ *атб.* тоо текенин үнүн туураган сөз; *кароолчу теке чыйт деп ышкырып кабар берет.*

ЧЫЙУWЛУ *пам.* кежир, наадан; *эй, чыйуwдунун баласы, иттин*

бәкәси, пулдун кожосу көп болот дегенди билевисиң, төвөңө жаңак чакпасын.

ЧЫЙЧАЙТ *жжол.* чычайтуу; *чыйчайта түйгөн суйдаң жал.*

ЧЫЙЧЫЙ *жерг., сейр.* чычкан; *ай–ай сенин жүрүшүң чыйчый, ала таар жыртышың чыйчый; ой–ой сенин жүрүшүң чыйчый, кызыл таар жыртышың чыйчый* (таб. чычкан).

ЧЫЙЫК *батк.* капкан; *ох, менин чыйыгыма бир түшвөдүңбү?*

ЧЫЙЫЛМА *зам.* ичке жылгача келип, булак сызылып агып чыккан жер; *чыйылмадан суw алып чылвырдай чәчиң чувалат.*

ЧЫЙЫР *пам.* 1. бедел, даң; *көп эле иштеп элге көрүнөйүн деди эде, тәкти де чыйыры чыкпады;* 2. оорудан айыга албагандык; *оwру ону торогон экен, әңизгәчә чыйыры чыкпады.*

ЧЫЙЫШТЫК *чүй.* соконун бетине жабышкан топуракты сүрүп түшүрүүчү жыгач; *чыйыштыкты жоготтум деп коркуп жатат.*

ЧЫК I: чык терек *ноок.* бака терек сымал дарак; *чык терек, ак терек өсөт* ("чук" болуп да айтылат).

ЧЫК II: чык–чук *батк.* жетип – жетпей; *шу орозгерини чык–чук кылып жүргүчө жүрвөй эде койвойву.*

ЧЫКА: чыка–чыка *тал.* чоң сааттын жебесинен чыккан үндү туураган сөз; *сааттын чыка–чыка деген давышы угулат.*

ЧЫКАЛАК *батк.* чыканак; *чыкалактай киши–чымын тийвес, чык этпес кишиви?*

ЧЫКЕТПЕС *жерг.* таарынчак; *тийсе–тийвесе де чыкетпес болуп алыпсың.*

ЧЫККЫЛЫКТА *жжол.* ыктытуу; *жолоочу киши жол менен, чыккылыктавай жүрө бер.*

ЧЫКМА I *өзг.* 1. кызамык, суу чечек; *чыгуу чыкмалар чыгат;* 2. *жерг.* жараат айыгайын деп калган кезде чыккан шүйшүн; *бир аз чыкмасы бар, бовосо айыкты.*

ЧЫКМА II *пам.* ак кийиктин төрт жаштан оогон эркеги; *чыкма текечерден өткөндө мүйүзүгө киши ажыратат.*

ЧЫКМЫШЫК *нар., эск.* илгери балдар кечкисин ойногон оюндун бир түрү; *чыкмышык, белчечев, элчавар ойночувуз.*

ЧЫКТАМА *жжол.* күлчөтай тамактын бир түрү (кээде ал "нарын күлчөтай деп да аталат); *бизде бешбашак, чыктама, куwурма аш, үйрум күлчөтай, конок ботко жасалат.*

ЧЫКТЫ *жжол.* жаңгактан ойнолчу "аралаш" ойнунда кош жаңгакты төрт элиден ажырата атуу учуру; *жаңак ажыраса чыкты дешет.*

ЧЫКЧЕЛЕК *жжол.* сыр идиш; *тасмал менен чыкчелекти алып койчу.*

ЧЫКЧЫР *жерг.* боз үйдүн түрүлүп коюлган эшик жабуусу; *мейман киши сый менен, чыкчырды өзүң түшүр.*

ЧЫКЧЫРАК *батк.* фитил; *чыкчырактын жарыгыга салып иштесе болову?*

ЧЫКЧЫТ I *өзг.* чыкый; *чыкчыт тушунан кан акты; чыкчытыңа шовла кайната койойунбу?; кулак түбүндү оёйунбу?*

ЧЫКЧЫТ II *пам.* көздүн кычыгы; *көзүңдүн чыкчытында чылпак турат.*

ЧЫКШҮКҮР *атб.* ушакчы; *сен бул узун тилиң менен бат эле чыкшүкүр болосуң.*

ЧЫКЫ I: чыкы–чыкы *түнд.* чабалакейдин үнүн туураган сөз; *чыкы–чыкы чыкылдап, чыкы–чыкы чыккын бат.*

ЧЫКЫ II: чыкы–чыкы *чүй.* чүкө ойногондо "кон" деген мааниде айтыла турган сөз; *биз чүкө ойногондо "чыкы–чыкы" дейвиз.*

ЧЫЛ I *жерг.* күрөшкөндө чалып жыгуу ыгы; *биринчи чыл саган палван жыкытат.*

ЧЫЛ II *батк.* чымкый, өңчөй; *чыл кара экен.*

ЧЫЛА *пам., ал.* жүрүм – туруму, кыял – жоругу жаман; *ол жеткен чыла.*

ЧЫЛАЙТ *ыск.* буурадай тоорушуу; *карт буурадай чылайтып ково калды.*

ЧЫЛАН: чар чылан *акт., эск.* бозонун кыйгыл чыккандагысы; *босону даамына карай чар чылан, кара чылан деп да айтат.*

ЧЫЛВЫРКӘШ *түшт.* улак тарткан кезде тартып бара жаткан улакты шамдагайлык менен чылбыр менен ээрге байлап алган киши; *оо, чылвыркәш, тартпа, жылоw үзүлөт.*

ЧЫЛГА *суз.* ороо; *чапанды бери ташта, чылгап койойун.*

ЧЫЛГОW *батк., эск.* "пәйчекинин" үзөңгүлүгүнүн эки жагына көктөлүп, кийгенден кийин конч шыпырылбасын үчүн арчындалып байлана турган канжыга сымал ичке кайыш; *чылгowдун узундугу адамдын бутуга жараша болот.*

ЧЫЛГЫЙ *лейл.* 1. териден ашатылып жасалган ар кыл идиш; *чорт чыгарган кийиктин терисини чылгый жаса;* 2. *пам.* шалтак, кара көңүл; *кыйын чылгый экен, жок дегенде кирини жуwаптыр:* 3. *жерг.* куу, митаам, карасанатай; *чылгый адам хар иш кылат*: 4. *өтм., батк.* сызгырылбаган май; *каймакты чалганда чылгый май болот.*

ЧЫЛГЫЙДЫК *пам.* 1. ыпластык; *Гапар чылгыйдыгыдан мойну-башыны жуwаптыр, энди жуwуп тазаланды;* 2. *тал.* мажүрөөлүк; *чылгыйдык кылып аткаурунуп калды.*

ЧЫЛДЫҢ *лейл.* тып – тып эткен көрүнүш; *чылдың чолок жер көwлөйт* (таб. тамчы).

ЧЫЛДЫПЫРЫҢ *батк.* шашып – бушуп эч нерсеге карабагандык; *чылдыпырың* (чылдывыры) *болуп кетип жатат.*

ЧЫЛКЫЛДАТ *ыск.* чөлкүлдөтүү; *майын чылкылдатып көп кылып койуптур.*

ЧЫЛМОWУК *батк.* өңү сары келип ичке өсүп, тоого чыга турган өсүмдүктүн аты; *сары чылмowук жәмән жарага дәри.*

ЧЫЛМЫШЧААК *өзг.* жылмышчаак; *чылмышчаак таштан байкап өт.*

ЧЫЛПАЙТ *батк.* илмейтүү; *шыйрагыңды чылпайтпай баспайсыңбы.*

ЧЫЛПАРЧА *жерг.* тилинип – тилинип же пайдаланып кеткен нерсе; *жерге түшүп чылпарчасы чыкты.*

ЧЫЛПЫР *жерг.* ак чөөлмөк ойну; *Кәлтә – Булакта ак сөөлмөктү чылпыр дейт.*

ЧЫЛТАК *ноок.* шылтоо; *жок жерден чылтак тавасың.*

ЧЫЛЧА *батк.* балчык, чыла; *жаан жаап, жер чылча болуп кетти.*

ЧЫЛЧЫК I *жерг.* 1. балчык; *о жер чылчык болуптур*; 2. шиберлүү саздак жер; *жылганын ичидеги чычылчыкта жүрөт.*

ЧЫЛЧЫК II *тал.* жылчык; *тигине чылчыгы көрүнүп турат.*

ЧЫЛЫЙ *базк.* өтө эле; *ой, чылый сары ооз эмес экен, эй, көрдүнбү?*

ЧЫЛЫК I *пам.* курсант, жыргал; *мергенчилик болсо – чылык, болвосо – оварачылык.*

ЧЫЛЫК II *батк.* өңүл – чөңүл, караган бутак, бадалдуу жер; *бир киши чылыктан чыга калды.*

ЧЫЛЫКТУW *батк.* караган бутактуу; *чылк эде чылыктуw жер экен.*

ЧЫМ I *түнд.* чикит ойнунда утулган баланын чымылдап

жүгүрүшү; *чавалакей чым – чым ойночувуз;*

ЧЫМ II *жжол.* чылк; *кулагым чым бүттү*; 2. *лейл.* чымкый; *чым сары, чым кызыл тавар да бар.*

ЧЫМ III: чым тамак *алб.* кыл тамак; *сиз таза чым тамак болуп калыпсыз.*

ЧЫМА *пам.* чырмоо; *покчону чымап кой.*

ЧЫМАЙ *ыск.* боз үйдүн чамгарагына салынган из, кооздук; *чамгаракка чымай салар эле.*

ЧЫМАК I *батк.* чымдуу; *ак карс чымак жерге да чыгат.*

ЧЫМАК II *акт.* сымак; *сулуу чымак жигит гелди.*

ЧЫМАЛАЙ *зам.* узун тамыр алып, кош жалбырак чыгарып өсө турган өсүмдүктүн аты; *чым – чым чымалай, менин атым куралай.*

ЧЫМАЛЕКЕЙ *ыск.* чикит ойнунда зуулдаган бала айта турган сөз; *сен жеңилдиң, баргын чымалакей айтып чуркап кел.*

ЧЫМАР *зам.* кара курт; *бөй, чымар – экөwү бир ат.*

ЧЫМБАЙ *ноок.* жаш баланы эркелеткенде колдонулуучу сөз; *оо, чымбайым, оо бөзөгүм, оо койлорду бөлөк – бөлөк девейвисиң?*

ЧЫМБЫРЛА *зам.* чымыроо; *жер чымбырлап көпкөндөй.*

ЧЫМБЫТ *түнд.* 1. чыймыт; *мен борборго чымбыт тиктим*: 2. *өтм.* кичинекей, арык, ичке; *чымбыттай болгон бечара.*

ЧЫМДАК *батк.* чымдуу; *мама каймак чымдак жерге чыгат*; **көк чымдак** көк чымдуу жер; *ээ, көк чымдакка барып отуравыз.*

ЧЫМКАН *алк.* жылкынын жонуна чыккан курт жара; *аттын жонуна чымкан чыгып кетиптир.*

ЧЫМКОР I *өзг.* жылкы менен уйдун сээр терисинин алдынан орун алган меке курту; *чымкор өлгөн болсо, ат жоор болот.*

ЧЫМКОР II *өзг.* жылкынын өтө аз оттоп, семирбей, жумушка начар келгени; *чымкорго ээр токуса, өдөлүштө артка кетип, кээде түшүп да калат* (бул сөз өтмө мааниде адамга карата да айтылат).

ЧЫМКЫЙ *түшт.* чым көң; *чымкыйды отко жакканын көрвөдүм.*

ЧЫМОВУТ *зам.* таза жүндөн жасалган шерст кийим; *чымовут нукур жүннөн болот эде.*

ЧЫМПАХТА *карс.* пахтанын сууга чыланган бир үзүмү; *чымпахтаны колуна карматышты.*

ЧЫМПЫЙ *кочк.* чыймыт; *сака, койгут, жепен, мырык, чымпый дейвиз.*

ЧЫМСА *батк.* 1. тамакты начар жеген чабал; *чымса болуп овкат жевейт*; 2. арык; *чымса ат экен.*

ЧЫМЧАЛ *батк,* чыпалак; *чочко каймар ойнойм деп жүрүп* (түн ичинде бир бала тонду айкарасынан кийип, бирөө аны жетелеп, калганы тигини чаап, куушуп ойногон оюндун аты) *чымчаланы алды.*

ЧЫМЧАЛАК *жерг.* чыпалак; *бешинчи колум чымчалак кат жазамын уйпалап* ("чымчалык"деп да айтылат).

ЧЫМЧАЛАКЕЙ *тал.* беш таш ойнунда чыпалактын үстүнө коюлган таш; *чымчалакейди чыпалакка койот.*

ЧЫМЧУУР *өзг.* 1. "бекинбечек" ойнунда колдонулган экинчи ташка берилген ат; *бир колду жерге жазып, бир ташын токмок, экинчи ташын чымчуур деп атап;* 2. *чүй.* кычкач; *чымчуур менен чокту алып сал*; 3. *өзг.* чакмак таш ойнунда утулган адамды чымчып жазалоонун бир түрү; *токмок, оймооч, шыпыргы, чымчуур деген жаза бар.*

ЧЫМЧЫ *тон., сейр.* малды биттөө; *чымчылган эмес ко.*

ЧЫМЧЫВЫР *чүй.* чымчуу; *чымчывырга жүнү жок, чыңырарга үнү жок.*

ЧЫМЧЫК *жерг.* чүлжүк; *чымчык көздөрүн жowдурatты.*

ЧЫМЧЫКВАЙ *зам.* домбурага тагылган жилка кыл; *домбурага чымчыквай тагышат.*

ЧЫМЧЫКБАШ *батк.* ичке келген анча бийик өспөгөн, "арпакан"сыяктуу келген, башы дайыма кыймылдап турган өсүмдүктүн аты; *чымчыкбаштын башыда пөпөгү болот, сээл желпилдеп турат.*

ЧЫМЧЫКЕЙ *өзг.* 1. "бекинбечек" ойнунда экинчи ташка берилген ат; *чымчыкейге ылайык жаза ишин аткарат*: 2. *жжол.* топ ойнунда кармала турган "чендин" учундагы чымчып кармала турган таяк учу; *чымчыкей кылып чымчып, чендин учун кармайт;* 3. *тяньш., ыск.* чымчылашып ойногондук; *чымчыкейди баштап кириштиви?*

ЧЫМЧЫКЗАР *алб.* чымчыктуу; *чымчыкзар жер экен.*

ЧЫМЧЫККӨЗ I *тал.* беш таш ойнундагы тогузунчу илик; *атадан нары чымчыккөз.*

ЧЫМЧЫККӨЗ II *жжол.* сабагы жерге сойлоп, бутак алып, гүлү тегерек – тегерек майда болуп гүлдөп өсө турган өсүмдүктүн аты; *чымчыккөздү жагжак, ысманак, беде, жалвыз, ат кулакка аралаштырып эрте жазда самса жасайт.*

ЧЫМЧЫКOWУЗ *батк.* устачылыкта колдонулучу металл куралдын бир түрү; *кескич менен чымчыкowузду устага бериң.*

ЧЫМЧЫЛЫК *ал.* чыпалак; *чымчылыгы менен түртүп койду.*

ЧЫМЧЫШМАК *зам.* чымчышмай; *боз жорго мойнун силке жүр жигит, кел чымчышмак ойнойук жигит?*

ЧЫМЫЙАН *зам.* узун ичке, сызык; *узун – узун чымыйан, учуну таап болову, чывыр ала тооктун тукумуну таап болову?* (таб. жол, жылан).

ЧЫМЫЛДА *тал.* суукка урунуу; *бир аз чымылдап калыпмын.*

ЧЫМЫЛДЫК *жжол.* 1. кызыл гүл ача турган өсүмдүктүн аты; *чымчык чаар атым бар, чымылдаган камчым бар, муну тапсаң, чымылдак үзүп берем*: 2. *түнд.* сурнайдын түтүгүнө баш жагынан кийгизилген камыш мүштөкчө; *чымылдак беш сантиметр болот* (чымылдак сурнайды үйлөгөндө күүнү кубултуп турат); 3. үн түйүнү, үн байламтасы; *чымылдагын үзүп алайынбы, сүйлөбөй калсын;* 4. чийдин жумшак башы; *чийдин чымылдагын үзүп келчи;* 5. *ноок.* жаш баланы эркелеткенде колдонулчу сөз; *пәччәгәр, чымылдагым боталактын эле өзү.*

ЧЫМЫЛДАКЕЙ *ыск.* чымылдап ойноо; *туш – туштан чымылдакей ойнойвуз деп чыгышты.*

ЧЫМЫЛДЫК *чатк.* көшөгө; *чымылдыгы кооз экен, сатпайм деп саат кылды.*

ЧЫМЫНДЫК I *түшт.* 1. чымылдырык; *биз чымындык терип келдик.* 2. *өзг.* жайлоо жерде саздуу булактардын боюна чыгуучу, бир түптөн тал – тал болуп өскөн өсүмдүктүн аты; *чымындыктан камчы өрүп ойнодук.*

ЧЫМЫНДЫК II пашаакана; *чымын чыкса жашынып, чымындыкта кашынат.*

ЧЫМЫНКАНАТ *жерг., батк.* 1. токулган чийге түшүрүлгөн орнаменттин бир түрү; 2. ошол орнаменти бар чий – бойро; *чымынканат чырмаган*; 3. *батк.* куraктын бир түрү ("чымынкөз" болуп да аталат).

ЧЫМЫНЧЫ *кем.* короолу;

чымынчы да чыйрак ко, сен эмне жашыксың?

ЧЫМЫНДА *батк.* орунсуз эле талашуу; *ээ, койсоң, сен чымындава.*

ЧЫМЫР I *алб.* торгойдун бир түрү; *жер жайнаган кекилик, торгойлордон чымыр* бар.

ЧЫМЫР II *ноок.* майда чекит чаар; *чымыр уйду саап кой.*

ЧЫМЫРАҢДА *батк.* элеп – желеп болуу; *уwлум келиптир, чымыраңдап атам.*

ЧЫМЫРЕКЕЙ *ноок.* чыбыр ала; *чым – чым чымырекей пийэлэм* (таб. калемпир).

ЧЫМЫРКАЙ *чүй.* ымыркай; *чымыркай кезден бери.*

ЧЫМЫРЧЫКТА *жжол.* майда – майда тер чыгуу; *өзү жайнап, чымырчыктап тер чыкты.*

ЧЫН I *ноок., ал.* чыны карагат; *баланын ичиге жел турса, чындан бериң.*

ЧЫН II *батк.* апаппак седеп; *авдестенин чүмөгүнү койуп, чынды берип койуң, ээ*!; **чын таш** таштын жука ак жалтырак келген түрү.

ЧЫНАК *ар.* тикенек сымал өсүмдүк; *чынакты жараатка дары кылат.*

ЧЫНАШ *ыск.* тамырын жанчып кургатып, анан сууга салып, бор кошуп, жыгачка оймо – чийме түшүргөндө боёк катары колдонулуучу өсүмдүктүн аты; *чынаштын эски чулдусу эле калыптыр.*

ЧЫНӘКӘМ *батк.* чындыгында; *чынәкәм өткөн йекшембиде жакшы иш кылды.*

ЧЫНАКЕЙ *ыск.* бир нерсени чыны менен утушуп ойноо (чүкө, сака, тыйын, ж.б.); *чындакей ойнойвуз.*

ЧЫНДЫЙ *акт.* 1. кичирээк келип тосураюу; *ат жалындагы балдарды кара, тим эле чындыйыт;* 2. тыкчырылуу; *бала чындайып он үч – он төрт чамасында.*

ЧЫНДЫК *жерг.* майда кызыл гүл алган, майда жалбыractуу, ичке сабактуу өсүмдүктүн аты; *чындыктын кызыл гүлүдөй чынәкәм жәйнәйсин.*

ЧЫНДЫПЫРЫН *батк.* өтө катуу тез; *чындыпырын болуп жүгүрүп келди.*

ЧЫНДЫР *тал.* чачуучтукка тагылган күмүш тыйын кооздугу; *чындырымды мөбүрө – чөбүрөлөрүмдө калсын дедим.*

ЧЫНТАК *тал.* чыканак; *чынтагым ожруп жатканын карачы.*

ЧЫНЧАЛАК *зам., пам., батк.* 1. чыпалак; *алакан алдайт, чынчалак чындайт* 2. *жерг;* чикит ойнунда баласын оң колдун бармагы менен чыпалагынын учу аркылуу кармап, бармактын салаасындагы энеси менен чабуу учуру.

ЧЫНЧОКОН *өзг.* ордо сыяктуу тамаша иретинде ойнолгон оюндун аты; *уругуң чүмөлү беде, келиң чынчокон ойнойвуз.*

ЧЫНШУРУ *жерг.* шурунун кызыл, сүйрүчө келген түрү; *Дүрсүн деген катындын бойнуда чыншуру бар.*

ЧЫНЧАРГА *тал.* чынчарга; *чынчаргасы короводу.*

ЧЫНЧЫР *тал.* чынжыр; *кан чоконун ойноп, чынчырын ыргытты.*

ЧЫНЫГҮЛ *суз.* гүлү татынакай ачылган өсүмдүктүн аты; *чыныгүлдөн үзүп алып чүкө салмай ойногонго кирди* (алчы чигени, таа бөгөнү жеп утушкан оюн).

ЧЫНЫГЫ *тторо.* илгерки товардын бир түрү; *чыныгы менен баш бууган* (мергенчилер чаарчык – чавый кармашкан); *ууда жүрүп чыңырткы салыптыр.*

ЧЫҢЫРЫК *тторо., миф.* тоо арасында адамдарга көрүнбөй жашай турган кандайдыр бир ачуу үн чыгарган жандык; *чыңырыктын үнүн угуп качкан экен* (бул ишеним азыр эскирген).

ЧЫП *жерг.* бек, бекем; *Асылбек, сүүдү чып тосуп койчу.*

ЧЫПАЛАКЕЙ *алб.* чыпалак: *чыпалакейин көтөрдү.*

ЧЫПАНАК *жжол., чатк.* чыпалак; *чыпанактай бутак.*

ЧЫПАҢ *ал.* таза сөөктүү, ичке келген; *чыкырсам үнүм жетеви, чыпаң сөөк алтынга.*

ЧЫПАҢДА *ал.* чыпылдоо; кыргый *келет чыпыңдап жылан башындай жылмаңдап.*

ЧЫПЕТМЕ I *чүй.* чыптама; *чыпетмеңди жакшылап тигип ал.*

ЧЫПЕТМЕ II *түнд.* патрону жезделип дүрмөттөлгөн, атканда үнү катуу чыкпаган мылтык.

ЧЫПКЫ *ыск.* камчы ж.б. нерселерге оюм – чийим түшүрө турган аспаптын аты; *майда чыпкылары да бар, силер да ал ыкманы үйрөнүп алгыла.*

ЧЫППА *лейл.* катуу жабышып калгандык, дароо эле жабышкандык; *колум дагыны көрдү го, чыппа жавышты.*

ЧЫПТА I *батк., лейл., өзг., суз.* кенаф, кендирден бир аз ачыгыраак кылып токулган ичке, жука кар; *жаңы–жаңы чыпта сатып жатат* (кай бир учурда ал "чиптэ, читтэ" болуп да айтылат); **чыпта өтүк** *жжол.* кончу таар өтүк.

ЧЫПТА II *тал.* биринде к, суюк узун (сакалга карата); *тигиноғу чыпта сакалды карачы.*

ЧЫПТА III *батк.* желимдеп, шыбап таштоо; *эринин уюгун чыптап койсоң, кутулавыз.*

ЧЫПТА IV *сүл.* билет; *бар, экөөүзгө йэм чыптаны Кэлисэгэчэ ал.*

ЧЫПЧАҢЧЫ *түшт., тал.* жеңил атчан; *чыпчаңчылардын башчысы.*

ЧЫПЧЫ *ташк.* 1. ичке билгизбей түйүү, катуу; *ачуусун чыпчысын, ошо бойдон чыгып кетсин;* 2. *чүй.* чардуу; *чыпчып да болсо бүткөрөвүс.*

ЧЫПЧЫРГА *зам.* аялдар кийчү кийимдердин жең учуна кармала турган бекитме; *илгери көйнөктүн учуга чыпчырга тутчу эдек.*

ЧЫПЫ *ташк.* жабышып катиңки көрүнгөндүк; *жаагы ого бетер жаак сөөгүнө чыпы тартылып, бопбоз болуп турат.*

ЧЫПЫЙ *ыск.* кийим кийгенде этке жабышып, ичке тартып, узун боло түшүү; *Айбектин сивитерин кийсең, чыпыйып калат экенсиң.*

ЧЫПЫГЫЙ *ыск.* чыпыя кийинип жүргөн киши; *о аны оңой ойлово, ал да бир чыпыгый.*

ЧЫПЫН *жерг.* сайроо; безенүү; *узун–узун уч эде, учу менин колумда, чыйырчыктай чыпынган чачы менин колумда* (таб. тизгин, чылбыр).

ЧЫПЫР *батк.* шыпыр; *чыпыр–чыпыр чыгдан котур* (таб. жүгөрү).

ЧЫПЫРГЫЧ *түшт.* шыпыргы; *эшиктин алдында бели байлалуу кул жатат* (таб. чыпыргыч).

ЧЫПЫРЫЛ *чүй.* жыйрылуу; *кирпидей чыпырынып супсуну сууду.*

ЧЫПЫРЫШ *тал.* шыпыргы; *чыпырышты суулап туруп шыпырсаң чаңдабайт.*

ЧЫР I *өзг.* төөнүн буйласына тагылуучу шуру – мончок; *буйлага чырдан тактырган.*

ЧЫР II *тал.* чарк көпөлөк, барбана; *сыпайчы менен сырдашпа, чыр кылып сени айлантат.*

ЧЫРА *атб.* кооз, сулуу; *көк көйнөгүң чырадай, көз ачык кеттиң увал ай.*

ЧЫРАЖ *батк.* кайчы – кайчы түшүрүлгөн оюм; *чувошуну жакшы жувбасаң, чыраж түшпөйт.*

ЧЫРАЗ I *ал., батк.* кооз, сулуу; көйрөң; *кэлиши аккан печелдин – кэйпи учкан нечендин дейт ал чыраз.*

ЧЫРАЗ II *лейл.* көбөйтүү түрүндө сайылган сайма; *чывыр артайылга чыраз түшүрсө болову?*

ЧЫРАЗ III *лейл.* тигин; *күн чызырап ысык болсо йәм чыразды сөгө берди.*

ЧЫРАЗДА *ал.* кооздоо, сулуулоо; *ак кийизден чыраздап жасаган тердик.*

ЧЫРАЙ I *батк.* уйдун курсак териси; *чырайдан кыган окшойт, жука экен.*

ЧЫРАЙ II *түп.* жасанып, көөп тоотпой калуу; *чырайасың эле чырайасың, кимдик алың бар.*

ЧЫРАЙЛЫК *базк.* чырайлуу; *чырайлык боз куш.*

ЧЫРАК I *ыск.* үчүлүккө арналып жасалган табак бетиндей жука токоч; *чырак жасашат экен го* (Бөрүбаш тарапта жолугат).

ЧЫРАК II *ыск.* илгери "эн" түрүндө малга басылган тамга; *чырак тамга азыр колдонулбайт.*

ЧЫРАК III *жерг.* билик орогонго ылайыктуу келген өсүмдүктүн аты; *чырак кuwрайга зыгырды ороп күйгүзгөн.*

ЧЫРАКПАЙА *өзг.* чырак коё турган текче жер, жыгач; *чыракты чыракпайанын үстүнө алып кой.*

ЧЫРАКЧЫН *батк.* серт, жаман, супсак; *чыракчын бовосо, үйүңү жыйвайвы, тым койвой.*

ЧЫРАМЫТ *түп.* түкшүмөлдөө; *тиги кишини чырамытып жылмайа карады.*

ЧЫРАТ *өзг.* сууга качырып кирүү; *сууга кирди чыратып сүрдүгө түшүп оңолду.*

ЧЫРАШ I *акт.* кийиздин бетине, жээгине түшкөн оюмду бекитүүчү шуу; *көлөкөдө чыраш тартып отурат.*

ЧЫРАШ II *жжол.* клей, желим; *комуздун чырашы эмне болуп кетти.*

ЧЫРВА I *жерг.* согум; *чырвасын алып келип сойот.*

ЧЫРВА II *пам.* чырмоо; *бедерлүw чыгы тон кийгизишке чырвайт.*

ЧЫРВАК *суз.* чарбак; *чырвакка бүткөн бактайсың.*

ЧЫРВАН I *пам.* эркектер кие турган кийимдин бир түрү; *чырван кийип чыгайын.*

ЧЫРВАН II *ноок.* мол; *чыкчыйынан жытташка чырван аракет кылат.*

ЧЫРГА *ноок.* 1. бир нерседен сууну агызып коюу; *ноодон сuwду чыргап дургузуп кой;* 2. *өтм.* жаш баланы сийгизүү; *о баланы чыргатып кой.*

ЧЫРГАА *жерг.* өлгөн адамдын сөөгү салына турган табыт; *Алманбеттин түпкү атасы чылава болуп, ону чыргаага саган дешеттер.*

ЧЫРГААК *батк.* чырдуу; *тырмаак кыз, ыйлаак кыз, чыргаак. кыз* (чырканак, шилби, кызыл куурай).

ЧЫРГАК *алб.* чоо; *балыкты чыргак менен камашат.*

ЧЫРГААН *чүй.* чырга; *бүркүттү чыргаан менен үндөккө келтирет.*

ЧЫРГАЙ I *өзг.* 1. майда ашы бар, жапыз бойлуу бадал өсүмдүгүнүн аты; *биздеги чыргайды Жаңы–Жолдо март дейт;* 2. *тяньш.* караган – бадалдуу бет, өрөөн; *тиги чыргайды аралаган мал көрүнбөй калат ко?*

ЧЫРГАЙ II *чүй.* өнчөй, жалаң; *чыргай шылдын, ыза.*

ЧЫРГОО *атб.* жалаң гана миниле турган улоо; *кана, мага бир чыргоо тап* (эгер минилбестен гана жүк жүктөөгө да пайдаланса, "улоо, ылос" же "көлүк" деп аталат).

ЧЫРГООТТОН *чүй.* чыргоодон; *чыргооттонуп сакалын жулкулады.*

ЧЫРГЫЙТ I *жжол.* куштун табы айнып калган оорусу; *куш чыргыйт болсо, этти эзип сuwун ичирген.*

ЧЫРГЫЙТ II *чүй.* чилдин үнүн тууроону билдирген сөз; *чыргыйт – чыргыйт эткен чилдерди көр.*

ЧЫРГЫЙТТА I *чүй.* «чыргыйт» этип үндөө; *чыргыйттап чил учса, жүнүң жата калар ээ?*

ЧЫРГЫЙТТА II *атб.* 1. чыйрыйтта; *ызасы күч болуп чыйралып чыргыйттады*; 2. *жжол.* өтө семирип таптан кетүү; *анын кушу чыргыйттап калыптыр.*

ЧЫРГЫНДЫ *жерг.* эт – сет, катык, май – сай; *чыргындысы жок отуруп кавагъыла.*

ЧЫРГЫНДЫЛА *ал.* "чыргынды" кошуу; *ашты чыргындылап жасаптыр.*

ЧЫРГЫТ *чүй.* ээликтирүү, күчөтүү; *ыр ыргагы созулуп ышкыбоздукту чыргытты.*

ЧЫРДАК I *лейл.* талаш – тартыш, уруш – кериш; *соконун тишини куйа турган калыптын үстүнкүсүнү — эркек үстү дейт, сен ого чырдак кыва.*

ЧЫРДАК II *лейл.* урушчаак, чыр; *эшек жүз жолу хәжигә барса йәм шо эшек дейт ко, ол чырдагың.*

ЧЫРКА I *түп.* бир нерсени сым, тал, таш ж.б. тосуп курчоо; *короону чыркап койолу.*

ЧЫРКА II *лейл.* 1. атылып чыгуу, куюлуп төгүлүү, чачырап агуу; *көзүдөн жаш чыркады*; 2. *пам.* заара кылуу; *гүлдүн үстүнө чыркаган экен.*

ЧЫРКАП *ал.* чычырканак; *чыркаптан кыйып келип, шык кармайт.*

ЧЫРКОО *өзг.* убарачыл; *увара кылган чыркоо деген бүркүт бар.*

ЧЫРКЫ *баткч.* чоподон жасалган табактын бир түрү; *ат тапкыңа эшек улоw дейт, эшек минип чыркысыны жеткирип бер.*

ЧЫРКЫЛДА *чүй.* "чырк – чырк" деп үн чыгаруу; *сугумга тикчийип чыркылдап от кой*

ЧЫРКЫЛДАК *жжол.* ичи көндөй келген өсүмдүктүн аты; *суw чыркылдактан суw мылтык жасайт.*

ЧЫРМААР *кочк.* тузактын бутту чырмап калуучу бир түрү; *чырмаарыңды кайдан билем, айланайын, Алмабек алы менен Жаныбек жаны менен* (ар ким өз аракети менен).

ЧЫРМАКЧЫ *түнд.* чийге чырмак түшүрүүнүн устаты; *чий өнөрүн аттанып түшкөн уздарды журтчулук чырмакчы дешкен.*

ЧЫРМАКЧЫЛЫК *түнд.* чий затына көркөмдүк ыроологон ишмердик; *чырмакчылыктагы негизги материйал – чий менен жүн.*

ЧЫРМАЛ *суз.* 1. имерил; *чырмала басып суу алат*; 2. *жерг.* улакка тартынбай кирүү; *чылвырың түштү булакка, чырмалып кирди улакка.*

ЧЫРМАЛА *чүй.* жипти кайра – кайра чырмоо; *живин чырмалап эде үзүп келет.*

ЧЫРМАЛЫ *жерг., пам.* чырмалып согулуп жасалган буюм; *айтканын ар ким билет, ымдаганды бил, шонтип, чырмалы жасаганды йәм үгрөн.*

ЧЫРМАМА *батк.* 1. 5 – 7см өлчөмүндөгү кооздоп согулган сызманын бир түрү; 2. *лейл.* килемдин, айрыкча чийдин сынган, үзүлгөн жерлерине байланган жип – шуу; *ээ, шондой болмок, чырмаманы үздүңбү?*

ЧЫРМАН *ноок.* кичине тегерек кылып, сүткө жуурулуп жасалган нан; *чырманды сыйга, тәйәрләшәттәр.*

ЧЫРМАНЧЫК *өзг.* күл түшүрө турган калак; *чырманчыкты берчи, күл чыгарайын.*

ЧЫРМАП *тал., эск.* чачык чыгарылып, байланган жерине чейин сайма менен кооздолгон ычкыр; *чырмапты ак кевездеn эшет* (азыр бул жоюлган).

ЧЫРМОWУК *батк.* чырмоок; *эшек аркырат сайда, маалым болот ылайда девей, чырмоwуктан апкел:* **ак чырмоwук** көбүнчө беде, пияз

айдалган аянттарда чыга турган өсүмдүктүн аты; **ак чырмоwук** түздө өсөт, сары чырмоwук эгизде өсөт; **кыл чырмоwук** *жжол.* өнү агыш келип, суу ичинде ичке болуп өсүп, кызыл гүл алып, жыт чыгара турган өсүмдүктүн аты; *кыл чырмоwукту илгериде жанчып, шишикке, ириңдеген жерге басчу эде;* **tow чырмоwук** арча, карагай, шилбилердин арасында жүзүмдүн шагындай болуп жыгачтарга чырмалып өсө турган өсүмдүк; *tow чырмоwуктан кесип алдым.*

ЧЫРМЫЙ *тал.* жеңи жок, чолок жасалган сырт кийимдин аты; *чырмый кийсем кең келди.*

ЧЫРМЫР *түп.* чый – пый; *сары кырдын чокусунда чырмыры чыгып турат.*

ЧЫРНА *лейл.* чырма, оро; *чийге жүндү чырнайт.*

ЧЫРНАЛ *жерг.* орол, чырмал; *жылан бакка чырналып жаткан экен.*

ЧЫРНЫЙТА *ыск., чүй.* чикерттөө; *кесегинде чырныйтай калып жүргөн.*

ЧЫРПЫК: чыгым–чырпык *жерг., эск.* алман; *чыгым–чырпык төлөп келген.*

ЧЫРПЫМА *түшт.* гозо бутактарын учтарынан чырпып үзгөндүк; *эми суудан өксү кылышпаса, чырдымасын вактысында өткөрсө, болду!*

ЧЫРДЫН *зам.* чырпылдап үн чыгаруу; *узун–узун уч эде, учу менин колумда, чыйырчыктай чырпынган чачы менин колумда* (таб. жүгөн, камчы).

ЧЫРПЫНДЫ *ыск.* кандайдыр бир нерсенин чырпып кесилгени, үзүндүсү; *отундун бир кичине чырпындысы кирип кетиптир.*

ЧЫРПЫЧЫК *батк.* жыгачтын кырындысы; *жогон эле устунду жоно верип чырпычыкка әйләндирдиң.*

ЧЫРПЫЧЫКТА *батк.* кырындыла; *жыгачты чырпычыктатып жатып түгөдү.*

ЧЫРДЫШКЕ *чүй.* кездеме, товардын аты; *чырпышке деген үйүлүп калды.*

ЧЫРС *батк.* кичине тооктун бир түрү; *чырс towук, дәкәк towук болот.*

ЧЫРСЫЙ *зам.* тырсый, тарсый; *көп чырсыйа берве, колуңдан кевесе.*

ЧЫРСЫЛДА *батк.* өзүн жогору коюп, бирөөгө ороюраак мамиле жасоо; *маңа көп чырсылдавачы.*

ЧЫРТЫЙМА *түп.* мүнөзү чыртыйып калуучулук; *начар адамдын бир мүнөзү – чыртыйма.*

ЧЫРЫЙ *жерг.* чырай; *чыт чапан кийип чырыйат.*

ЧЫРЫК *пам.* көрүнгүс далдоо; *барсаң чырык буйгага азowлук кылып туйлава.*

ЧЫРЫЛДАК *батк.* чымчык сымал келген канаттуунун бир түрү; *чырылдак дүрүлдөк, сагызганды билемин.*

ЧЫРЫМ I *батк.* тири каректык, шамдагайлык, колдон иш келе тургандык; *баландын чырымы жетик бала окшойт.*

ЧЫРЫМ II *атб.* ар түрдүү майда оюулар салынган шакек; *чырымды кээде сааткер шакек деп да койушат.*

ЧЫРЫМ III *лейл.* колу – буту кыскалык; *чырымы кәлтә киши.*

ЧЫРЫМТАЛ I *жерг.* 1. көбүнчө суу бойлорунда өсүүчү жапайы талдын бир түрү; *Суусамырдын бойунда чырымтал, кайың, терек өсөт*; 2. самоорго жагуу үчүн майданган жыгач; *чырымтал кылып майдалап кой отунду.*

ЧЫРЫМТАЛ II *жерг.* мом, мумуя; *чырымталды эгиз towдон алат.*

ЧЫРЫМТАЛ III *ал.* 1. эгиндин

эми саргарайын деп калгандагысы; *арпанын чырымтал болгон кезинде;* 2. *өзг.* айран, каймактын адеп пайда боло баштагандагысы; *сүт эми чырымтал болуп, каймак ала баштаптыр.*

ЧЫРЫНДЫ *ал.* отундун майдаланганы же кырындысы; *чырындыны алып келип жак.*

ЧЫРЫЧ I *суз.* кулунчак алып агыш, сары түстө гүлдөй турган өсүмдүктүн али өзөк ала элек кезиндеги топ жалбырагы; *чырычты жашында майга кууруп самса жасайт.*

ЧЫРЫЧ II *өзг.* жыгачы одуракай, тикендүү; *мөмөсү даамсыз, жумшак, жыты сасыгыраак келген алма'ын түрү* (жапайы өсөт).

ЧЫРЫШ *батк.* тамекинин тартууга даярдалгандагы майдасы; *тәмеки жанчып, чырышыны тәштәдим.*

ЧЫСТЫ *жерг., эск.* илгерки товардын бир түрү; *көйнөгүң кең Коконнун чыстысы* (азыр мындай атоо жок).

ЧЫТ I *ал.* 1. жыш; *Көл–Кежигенин нар жак–бер жагы чыт токой;* 2. *жерг.* огородду курчай курулган кашаа; *тамаркамды мал жевесин деп чыт тостум;* 3. *батк., лейл.* орто жери бөйрөктүү келип, жогор жана төмөн жагы ичин карай иймейип, кочкорок сымал келген көчөт; *чыт көчөт салавыз.*

ЧЫТ II: чыт–чыт *жжол.* былык – сылык; *ойакка барып әм чыт–чыты билинет.*

ЧЫТСАРЫ *өзг.* быштак сары, сапсары; *чытсары, сен качан келдиң?*

ЧЫТАК *жерг.* кичинекей чымчыктын бир түрү; *чытакты атуу кыйын.*

ЧЫТКУЙРУК *чүй.* ителгинин куйругу ичке, сополураак келген бир түрү; *кан тогуз деп отура бервей* (илгери жазанын аркага тогуз жолу алган түрү, бирок бул азыр колдонулуудан чыккан), *чыткуйругун салганы кетет.*

ЧЫТТА I *зам.* чыпта; *бир чытта кап ун алып келди.*

ЧЫТТА II *түшт.* билет; *акчасын бер, чытта алсын.*

ЧЫТТА III *жерг.* кашаа кармоо; *жерди чыттап койдум.*

ЧЫТЫКЫЙ *ыск.* быт – чыт; *он сал элдин чытыкыйын чыгарган экен олоңбайыр.*

ЧЫТЫНА *чүй.* майда, ичке сынык кетүү; *чыныларды акырын жуучу, чытынап кетет.*

ЧЫТЫҢ *өзг.* ичке кара тоголок, жапалдаш, чыйрак балага карата айтылуучу сөз; *ә, чытың, иш кандай?*

ЧЫТЫР I *батк.* жыш, тыгыз; *сай мурун чытыр чәңгел эде.*

ЧЫТЫР II *батк.* бышык, чыйрак; тың; *жүргөндө дэ чытыр жүрөт.*

ЧЫТЫРАК *батк.* бою 30см чейин өсүп, өңү күрөң боз келип, жалбырагы жашыл тартып, күйгөндө чытыр – чытыр этип өсүүчү өсүмдүктүн аты; *чытырак таштуw жерге өсөт.*

ЧЫТЫРАМАН *ал.* чытырман; *Чычканды деген жылга чытыраман эле токой.*

ЧЫТЫРАШ *өзг.* ак гүл алып, жапыз өсүп, көбүнчө жайлоого чыгуучу өсүмдүк; *чытыраш – пытыраш, чийден котураш, алма чечек, көгүлтүр мончок.*

ЧЫТЫРКАНАК *батк.* чырканак; *чытырканак чачырап күйөт.*

ЧЫТЫРЛАТ *чүй.* аябай ашыра ичип жеөө; *оо, босону чытырлата ичкен да.*

ЧЫТЫРМАН *алб.* чырыч; *чытырман эсемимде көп эде өсөт.*

ЧЫТЫРМАНДА *ыск.* көп, жыш чабуу; *камчынын тагы чытырмандап тийди.*

ЧЫТЫРМАШ *жжол.* шахмат

сымал оюндун аты; *экөөңөр чытырмаш ойногула, кимиңер утсаңар жеңиш ошонуку.*

ЧЫТЫРЫМ *ноок.* майда жалбыракту өсүмдүктүн аты; *чытырым менен ысмалакты көрсөтөйүнчү.*

ЧЫХ: чых – чых *түшт.* 1. атты чык – чыктап жоошутуп токтотуу (сырдык сөз); 2. төөнү чөгөрүү үчүн айтыла турган сырдык сөз; *төөнү чых – чых! – деп чөгөрдү*; 3. **чыхх – чыхх** *батк.* коштогу өгүздү кайрууда колдонулуучу сырдык сөз; *чыхх – чыхх, башыңды жегир*! (кээде бул сөздүн ордуна "кә – кә, кел – кел" деген сырдык сөз колдонулат).

ЧЫЧАКТА *тяньш.* чычаңда; *чычактап качып бараткандыр.*

ЧЫЧАЛАК I *чатк., суз.* чыпалак; *күздө жыйсаң, жазда жейсиң деп чычалагын соройтот.*

ЧЫЧАЛАК II *атб.* жылкы сойгондо анын семиздигин казысына карай баалоодо колдонулуучу сөз; *казысы чычалак чыгыптыр* (ал семиздик "булут, чычалак, бир эли, эки эли, үч эли, таман" болуп ажыратылат).

ЧЫЧАЛАКАЙ *ыск.* чычалак; *ал чычалакай чыдавайт.*

ЧЫЧАҢ *пам.* чикит ойнунда баласын белден ылдыйраак коюп, серпе берип чабуу учуру; *чычаңда жыдыды.*

ЧЫЧАҢДАК *өзг.* мөңкүнчөөк; *биздин бээ чычаңдак.*

ЧЫЧКАКГҮЛ *батк.* тоголок башына кол тийсе, чарт жарылып, үрөнү – даны күбүлүп кете турган өсүмдүк; *сары чычкакгүл йем бар.*

ЧЫЧКАН *ал.* жылкынын жаак бези чоңоюп кеткен оорусу; *чычкан оwру да жәмән* (кээде бул оору моюн тери менен эт ортосунда да пайда болуп, ары – бери жылып, түйүлүп да оорутат).

ЧЫЧКАНКАНА *батк.* чычканы көп жай; *үйгө киши жәшәвәсә эле дәрөw чычканканага әйләнәт.*

ЧЫЧКАНКУЙРУК *тяньш.* сабагы ичке, бою узун келген, чычкандын куйругу сымал бутак алган көгүш күрөң чөп; *чычканкуйрук ичке болот.*

ЧЫЧКАНКУЛАК *батк.* 10 – 15см терендиктен өсүп чыккан эки жалбырагы кичинекей келип, түктүү болуп, ачаланып, мандалактын гүлүндөй гүл алып өскөн өсүмдүктүн аты; *чычканкулактын түвүнү казып, томологуну жейт.*

ЧЫЧКАНТЕРЕК *батк.* сүргөндө кабыгы былжырап кете турган теректин түрү; *чычкантеректи билвейт экен.*

ЧЫЧКАНЧЫ *чүй.* начар бүркүттүн бир түрү; *бүркүттүн чычканчы деген түрү да бар.*

ЧЫЧКЫЛ: кыйгыл – чычкыл *алб.* будуң – чаң; *кыйгыл – чычкыл түшүрүп кыйкырасың бакырып.*

ЧЫЧТЫ *пам., эск.* канувазир ойнунда "уурунун" маңдайынан ылдый түкүрүк агызып жазалоо; *чычты деген жаза азыр калды.*

ЧЫЧТЫЙ *жжол.* жасанып керсейүү; *неге чычтыйасың, ыйа?*

ЧЫЧ *ыск.* көбөө; *тонго чычый кармайт.*

ЧЫЧЫК *пам., жерг.* чакмак таш ойнунда таштарды өйдө ыргытып, анын ичинен үчөөнү тутуп алып, бирөөнү кайра тез ыргытып, калганы менен бирге тосуп алуу учуру.

ЧЫЧЫМ I *батк.* чырканактын ашы; *чычымга шончо бала бардывы?*

ЧЫЧЫМ II *батк.* артта калгандык; *чычым каган да.*

ЧЫЧЫНА *чүй.* сынып же үбөлөнүп түшүү; *акырынчы, чычынап кетиптир.*

ЧЫЧЫР *батк.* 1. чакмак таш ойнунда ташты алуудагы бир кырдаалдын аты; *әй, чычыр агыча*

тилсиздин үйүнү бери тик, тилдүүдүн үйүнү нары тик десеңчи; 2 *пам.* чүкөдөгү үч тапан ойну; *бүгүн чычыр ойноп, ашыктарын бүт утуп алдым.*

ЧЫЧЫРКАНАКЗАР *зам.* чычырканактуу жер; *буйагы чычырканакзар экен.*

ЧЫЧЫРТМАЙ *кочк.* топ таш ойнунда бир ташты өйдө ыргытып, анан ал келгиче дагы бир ташты ала коюп, аны алмаштыра салып ойноо учуру; *чычырткайга эми келдим.*

ЧЫШ *түнд.* баланы бешиктен чечип тозгондо айтылчу сырдык сөз; *чыш, айланайын, чышш, бол, тез чыш.*

ЧЫШУ *түнд.* тыюу сезимин билдире турган сырдык сөз; *чышу, тынч отур.*

– Ш –

ШАА *чатк.* тепкич; *ага шаа менен чыкпаса болвойт.*

ШААВАТ *кочк.* дем, көңүл; *кээ бүрөөлөрүнүн шааваттары сууп отуруп калышты.*

ШААДАРДАН *ал.* кудуңдагандык; *шаадардан жырган отурат.*

ШААЛДА *ыск.* буркандап – шаркандоо, учуртуп койгулоо; *күүлдөп, шаалдап өзүнчө күл челет.*

ШААМАРА *чүй, эск.* жыландын пири, жыландын эң чоңу; *шаамараны жесе, айыгат дептир* (азыр ооруну жыландын эти менен дарылоо мүнөздүү эмес).

ШААМАРАН *ыск.* мокой; *ышкырба күчүгүм, шаамаран келсе кантевиз?*

ШААН *жерг.* 1. көрк; *үйүнү шаанга бөлөп таштаптыр*; 2. *чүй.* даңаза; *шаан менен ойноду*; 3. *ноок.* жышаан; *салам салуу – келиндердин шааны.*

ШААНА I *ал;* 1. жаздын шаанашасы келди; 2. болуучу сууктун белгиси; *бул суук – кардын шаанасы.*

ШААНА II *жжол.* пахта гүлү; *шаана бажырайып, чанактан ак алтын чыгат.*

ШААРЧЫ *пам.* түз тарапта жашаган; *шаарчылардын келиши менен ол өзгөрүп кетти.*

ШААФЫ *батк., эск.* жери чектеш; *коровgду сатса овол шаайыга ал деген илгери кимдир бирөө короо–жерин кардар болуп сатса, адегенде шаафыга, ал албаса жакын тууганы саткан. Эгер алар албаса гана башка бирөөлөргө сатууга мүмкүн болгон* (азыр мындай көрүнүш жок).

ШАВА *ноок., батк.* 1. бийик жерден агып түшкөн суунун агымы; *шавадан суw алат:* 2. *ноок.* тегирмен жүрбөй турган убакта сууну буруп коюучу жер; *шаванын сунун тосуп тутуп алдык;* 3. *батк.* суу токтоткон көлмө, көлчүк "оwуттун" сормо болуп калган орто жери; *оwуттун шавасыга жакын калды;* 4. *батк.* тегирмендин бош калган учуру; *тегирменге барсам шава кен, мүштөгүмдү дәрөw тартып алдым* ("шавва" болуп да айтылат).

ШАВАЗА *жерг.* дүң, даңаза; *бир сөздү уксаң, шаваза кыласың.*

ШАВАКА *жерг.* кооздолуп жасалган асем; *бакка барып, гүлзарды аралап, таза ава жутуп, шавакаңды жасай бер.*

ШАВАКАЛУW *жерг.* кооз асемдүү; *шавакалуw көкүл да жасалат.*

ШАВАКАНА *батк., жерг.* тегирменге суу керек болгон учурда буруп, кереги жок кезде башка жакка таштап коё турган жери; сuwду шаваканадан жыгып кел.

ШАВАНА *жерг.* кечки; *балдар шавана хундан.*

ШАВВАНДЕК *жерг.* кечинде жатар кезде башка байлап алган таңгыч, буума; *шаввандәк кылып жаттылар.*

ШАВГА *жерг.* кечкисин түнөөчү жай; *шавгага өтүп, отту жактым.*

ШАВДАН *батк.* 1. даяр; бу *жерде шавдан турат, бизди эрчигени туравы?* 2. ыктуу, көңүлдүү; *шавдан жигит боптур го.*

ШАВКАТ *зам.* сейил, шаан – шөкөт; *шавкат кылып жүрөт.*

ШАВОW *жерг.* сабоо; *шавоw ыргайдан болот.*

ШАВОП *жерг.* түнкү сугат; *шавоп берсең, түндө жакшы ичет.*

ШАВОТО *ноок.* муун – жүүнү бош; *шавото адамга, бу дәртиң эч йәм кәр кывады.*

ШАВРОҢ *жерг.* жергиликтүү

усталар жасоочу кайчынын бир түрү; *шавроң кайчы менен кой кыркат.*

ШАВУЛАК *жерг., лейл., эск.* күйөө тарап тойго келе жатканда бир улак же торпок сойуп, ээрдин алдына байлап алып келип улак тарттыруусу (илгери бул жөрөлгө тажик – кыргыз аралаш жашаган Жерге – Тал, Пилдо ж.б. айылдарда жолугуп, азыр жоюлган); *күйөw тарап шавулак алып баргандар* (чавулак, шагулак болуп да айтылат).

ШАВУН *батк.* курулуш ишинде салынып жаткан дубалдын, устундун түз – кыйшыгын билүү үчүн тикесинен саландатып, учуна таш байланып колдонула турган жип өлчөгүч; *устумдун туwрулугуну шавун менен текшерет* («шавын» болуп да айтылат).

ШАВЫЛДА *лейл.* шуулда; *суw шавылдап турат.*

ШАВЫР *батк.* кобур – собур; *коңушунукуда гавур, шавыр болуп жатат.*

ШАВЫРАТ: шек–шавырат *атб.* шек; *эч шек–шавырат билинбейт.*

ШАВЫРГАН *лейл.* чоң – чоң кара жүзүмдүн сорту; *шавырган жүзүм бар.*

ШАВЫТОЙ *жерг., эск.* жигит кыздыкына барганда бир күн мурун өз үйүндө көбүнчө теңтуштарын чакырып өткөрүүчү кичине той; *шавытой Сәйрондон Кәлтә–Булаккача учурайт* (мындай той өткөрүү тажик, кыргыздар аралашкан Сайрон Човой, Пилдон, Жерге – Тал кыштактарында учурап, калган кыргыз айылдарына мүнөздүү эмес болгон. Ал азыр сейрек кездешет).

ШАВЫРТ *батк.* дүбүрт, дабыш; *шавырт угуп, кийтине кетенчиктеп тоскон жерге жашынды.*

ШАГА *жерг.* бороз арык; *шага тава менен барып тезектен көп апкел.*

ШАГАЛ I *ал.* майда таш; *бозмоч чөп чыкпаган шагал жерге өсөт.*

ШАГАЛ II *зам.* өңү саргыч көгүш түстүү келген карышкырдын жалгыздан, бир – бирден, жеке жүрүүчү, куйругу 20см келген, өзү кичирээк түрү; *шагал бөөрүвүсүз же түлкүвүсүз, же бовосо күлкүвүсүз?*

ШАГАЛАК *батк.* 1. малта; *казандын түвүдө шагалак толуп жүрөт*; 2. *тторо.* малдын жүнүнө тоңуп же катып калган муз, кык ж.б. нерсе; *жүрөктөн келген карды теве алвай койду, куйрук–жалы шагалак.*

ШАГАЛАКТА *өзг.* жыш болуу, чокмороктоо; *жеке жаңак шагалактап чыгат*; мүйүзүң шагалактап чыктывы? *өзг.* марыдыбы, жыргадыңбы? (какшык, жемелөө маанисинде).

ШАГАЛАҢ *жерг.* 1. кыштын күнү суунун үстү менен аккан муз чорголоңу, жаракасы; *шагалаң аккан маал;* 2. чогулуп калган шагыл; *шагалаң таштар Көл–Кежигеде үйүлүп жатат;* 3. *пам.* муздак, суук; *саар менен шагалаң болот, үшүйм*; 4. *кочк.* кыштын суугунда аттын бутуна, күйругуна тоңгон муз; *данкап урган буттары, куйруктары шагалаң;* 5. *алк.* койдун арткы эки санындагы уюлгуган, булганган, түйүлгөн жүн; *ачка жүргөндөн әйрән ичкен өйдө дейт, бекер отурбай шагалаңды тазала.*

ШАГДАМ *ноок.* 1. тез, бат; *ал шагдам жөнөп, кыр аша берди;* 2. *ноок., атб., жжол.* жээлигип, калгандык, жайдарылык, шайырдык; *көңүлү шагдам күлүп отурат*; 3. *батк.* кумарлуу, кызыктуу, ишеничтүү; *эртеңки күнүнө шагдам*; 4. тың, чыйрак, өткүр, курч; *таамай сүйлөгөн шагдам өткүр курч; таамай сүйлөгөн шагдам өткүр киши* (шагдам болуп да айтылат).

ШАГДАР *батк.* мүйүздүү; *бул шагдар эчки тура.*

ШАГДААТ *батк.* шайдоот; *таманыдан оту чыккан, колудан көөрү төгүлгөн шагдаат.*

ШАГЖЫЛОW *батк.* баш ийбеген; *сен кичинеңде шагжылow эдең* (бул сөз балалык кезге карата айтылат).

ШАГЫЛ *лейл., батк.* чакмак таш ойнунда үч ташты колдун аркасы менен тосуп алып, кайра өйдө ыргытып, колдун ичи менен имерип алуу учуру; *туз чиригендей* (аты чыккан) *шаа тыттын тәгидә шагыл ойноп жататтар.*

ШАГЫР *кем.* 1. кыштын күнү суукта бак – даракка, өсүмдүккө же малдын куйрук жүнүнө ж.б. тоңуп калган майда муз; *куурайды аралап кетсе, шагырдын түшкөнүн кара*; 2. *батк.* чакмак таш ойнунда эки ташты удаа бирдей өйдө ыргытыш, жерден бир ташты ала коюп, беркилерди кагылыштыра тозуп алуу учуру; *эңкевал шагырды алып көрсөтүңчү.*

ШАГЫТ *чүй.* кардын эрип – эрибей бутка жабышып калгандагысы; *асыр шагыт болуп турган кес.*

ШАДА I *зам.* шат; *эр жигит кээде шада, кээде гәдә, кээде март.*

ШАДА II *зам.* бал челек; *нәкәс адам да, шадасын көрсөтпөйт.*

ШАДАЙ *жжол.* тартаюу; *буту–колу шадайып узун экен.*

ШАДАК *батк., терг.* кирпинин ийнеси; *шылдыр–шылдыр шадак, буту–колу кадак, куш кавак* (таб. кирпи).

ШАДАҢДА *тал.* шымаланып, кудундап, шайырланып, демденип басуу; *Кевекке көсүн кысып койуп шадаңдап жөнөдү.*

ШАДДА *жерг.* үйдүн керегине жарай турган кандайдыр бир кыска, кичине тактай; *шадда тап, терисин тескери сойормун.*

ШАДЕКТЕШ *лейл.* моюндашып чырмалышуу; *өкөwүң жүдә шадектешип калыпсыңар го.*

ШАДМАН *баткч.* курсан, жайдары; *жәштиктә шадман көп болот.*

ШАДЫРА *пам.* субай топоз; *шадыраларды әйдәп койчу, айайакка.*

ШАЗ *алб.* бийик тоодо өсө турган өсүмдүктүн аты; *шаз эгизде өсөт. билесиңби?*

ШАЙБИКЕ *зам.* оюнкараак; *шайбике да токтовойт.*

ШАЙВЫРТ *пам.* шыбырт, дабыш; *кеч пешимде өзү уруп катык иштеп жатса ле бирдеменин шайвырты бар дейт.*

ШАЙВЫРТТА *батк.* шыбырттоо; *шайвырттап келе жатат.*

ШАЙДАҢДА *жерг.* тартынбоо, ийменбөө; *онун келини шайдаңдайт тым эле.*

ШАЙДӨWҮТ *пам.* шылуун; *ол чөкүр – шайдөwүт жигит.*

ШАЙКАЛКАН *тал.* кооз көпөлөктүн бир түрү; *балдар, муногуну шайкалкан дешет.*

ШАЙЛА I *тал.* 1. дайында; *беш атарын шайлады*; 2. *жерг.* жерге бир нерсе салуу; *алдыңа кийиз шайлайын досум.*

ШАЙЛА II *пам.* сабак байлоо; *бир түптөн оттуз төрттү шайлаган.*

ШАЙЛАН *өзг., суз.* ооздун ичи агарып кетүү; *тегирмен ташка урунбайм деп жүрүп, анын да оозу шайланып кетиптир.*

ШАЙЛАР *жерг.* бирөөлөрдү тосуп күтүп алуучу киши; *алдыма чыгып шайларым шо.*

ШАЙМАН *жерг.* даярдан; *шайманып чыктыңбы?*

ШАЙМАНКЕ *түп.* ар, намыс; *кандай шайманке болот?*

ШАЙМЕРДЕН *тал.* шайдоот, ачык, кубанычтуу; *анын дүйнө түшүндө жок, көңүлү шаймерден.*

ШАЙТАН *ноок.* жапайы тарууга сымал келген өсүмдүктүн аты; *шайтан от тарыкка окшош.*

ШАЙТАНДА *батк.* баш айланып, эси ооп жыгылуу; *тили шайтандап, онон өзү шайтандап каган.*

ШАЙЫ I *чатк.* таразанын табагы; *шайтан мойнуга минбесе, шайыны тапсын.*

ШАЙЫ II *чүй.* тарам – тарам издери бар, даамы таттуу алманын сорту; *шайы алманы бир сомдон сатты.*

ШАЙЫҢ *өзг.* таразанын ташы; *дүкөнчү жигит шайыңды алып койду.*

ШАЙЫРГҮЛ *чүй.* кызгалдак; *шайыргүл укмуш жайнап чыкса, кыпкызыл эле болуп калат.*

ШАЙЫТ *түшт.* шейит; *душман огунан мертинген шайыт.*

ШАК I *пам.* аяз; *сүүдүн үстүнү шак алып калыптыр.*

ШАК II *жерг.* эгин, тамеки айдалган аянттардын тилкеленип бөлүнгөн бөлүкчөсү; *күркүрөгөн сайдан нары тәмәкинин шагы.*

ШАК III *жерг.* мүйүз; *өгүздүн шагы тавылыптыр*; ◊ **шакка чыгарат** *жерг.* көкөлөтүп мактайт; **өгүздүн шагыга урсаң туйагы зыркырайт** *ноок.* чапанчанды чапсаң, көйнөкчөнгө доо кетет.

ШАК IV *өзг., эск.* бутактуу чырканак, талдан жасалган мала; *шак–мала азыр жок*; **кара шак** *жерг.* куурап калган жемиш багы; *кара шакты атханага салды*; **эркек шак** суз. жүзүмдүн мөмө албаган бутагы; *эркек шактын мууну узун болот.*

ШАК V жан – жаны иймекей келип, орто жери бийикче болуп, эки жагы кайкалак тарткан орнамент (кээде ал «чагырмак»деп да аталат); **путун шак** толук шактын элесин берген орнамент; **жарты шак** жарым шактын элесин берген орнамент; **кырк шак** *пам., жерг.* көбүнчө кереге тануууга сыңар кайкалакты үч катар кылып, энин 60см. жакын келтирип, жүз он катар же жетимиш катар жиптен согулган көчөт; *кырк шак бүткөндө шайтан мойнуну сындырар?*

ШАК VI *ал.* көк мээ; *ол шак мээ болгонбу, көп гэп урат?*

ШАК VII *жерг.* 1. алдуу, кубаттуу; *ол эми йәм шак*; 2. *батк.* куунак, шат; *бүгүн вактың шак ко!*

ШАКА I *зам.* айры; *мону биз шака дейвиз, агай.*

ШАКА II *пам.* кокустукка учурагандык; *ол шака жеп калды.*

ШАКАК *суз.* тушалгандык; *бүрөwдүн элиде шаа болгуча, өз элиңде гәдәә бол дейт, туруң өйдө, аттарды шакак кыл.*

ШАКАКТАШТЫР *суз.* тушоо; *аттарды шакакташтырып кой.*

ШАКАЛАК I *чүй.* итатай, ачуу; *менин да ачуум келип шакалагым кармады.*

ШАКАЛАК II *жерг.* ыкчам, тез, бат, бачым; *сен акылдан тышкары эле иштеди кыласың да, шакалаксың да.*

ШАКАЛАКТУW *жерг.* шашма; *ол канчалык жәмән жүрсө йәм шакалактуw болсо йәм, гәпкә калваган адам.*

ШАКАЛАҢ *батк.* ширелүү, бал даамдуу жүзүмдүн бир түрү; *бир үзүм же, шакалаң жүзүмдөн.*

ШАКАП *атб., тторо.* сугарыла турган эгиндин арасына тартылган кичине бороз же кол арык; *шакап салып койдук* (бул сөз Ак – Терек жакта «кулагы байланып, чабышып бүтө элек арык» деген түшүнүк берсе, Тосор жакта «соко менен тилинип али чабылбаган арык» деген

маани берет. Кай бир жерде бул сөздүн ордуна «шак», «арык», «кол арык» деген сөз колдонулат).

ШАКАР *жерг.* бабыр, сүйлөөк; *шакар адам экенсиң.*

ШАКАША *түшт.* капкара; *шакашадай көзүңө ичим күйөт өзүңө.*

ШАКАШАК *ноок., миф.* сагызгандын пири; *көч–көч бадик – көч бадик, көчөрүңдү билвесең, сагызгандын атасы шакашак ата батасы, бута көчсөң болвойву.*

ШАКБАШ *зам.* бабыр; *сен имнә ону пинәгиңә әвәйсиң, шакбаш дейвисиң? жоок, ол менин пинәгимә келет ол түзүк.*

ШАКЕСАЛ *чүй.* жаш балдар тегерек тартып отурушуп, ичинен бирөө бардыгынын колуна шакек салгансып, манчаларын сылап, анан бирөөнү «шакекти тап» деп, тапса, шакек чыккан бала, таппаса өзү ырдап ойногон оюн; *шакексал, учту–учту, жолдош сурамай ойношчу.*

ШАКЕЛ *өзг.* жүгөрүнүн сотосу; *алдагы шакелден самоорго салып кой.*

ШАКЕЧЕЛЕ *алб.* шылдында; *кече аны шакечелеп койду.*

ШАКМАК I *пам.* чакмак; *мәгәзингә шакмак дептер кириптир.*

ШАКМАК II *жерг., пам.* шалтак; *шол сойулган теринин башыны, колу путуну мәкәм кылып бәйләйм деп шакмак болду.*

ШАКӨӨ *тяньш., сейр.* төөнүн эрди; *дүвүр–дүвүр төртөө, дүнүйө менен бешөө, эгиз уулу экөө, эң кичүүсү шакөө* (таб. төө).

ШАКСЫЛ *зам.* упай ойну; *сен жок шаксыл ойновой кетип калды.*

ШАКТОЙ *пам.* баланы тиши жаңы чыкканда берилүүчү кичине той; *шактойдо кәптәр мойун шайы апкелди.*

ШАКЧА *жерг.* тал – терек, өсүмдүктөрдүн жаш бутагы; *төшөлгөн шакчаларды кара.*

ШАКШАЙ I *батк.* ала – була болуу, серт көрүнүү, жүдөө тартуу; *иләсиң шакшайып жәмән экен.*

ШАКШАЙ II *батк.* өзүн көтөрүү, менменсинүү; *илгери түзүк эде, азыр шакшайып кагандай.*

ШАКШАК I *батк.* суу боюнда, суу ичинде тиричилик кыла турган, өнү кара, кичине келип, куйругу кыска болуп, таш башына конуп, чый – чый этип үн чыгарган, бирден – экиден учкан, кышкы чилде күчөгөндө сайрап чыккан канаттуунун аты; *кара шакшак суw жакалап учат*; **ала шакшак** *зам.* чакчыгай; *ала шакшак карматавы?*

ШАКШАК II *жерг.* жыгач өсүмдүктөрүнүн жалбыректары менен эки учунан жыйрып кайра тартып шакылдатып ойногон оюн; *балдар шакшак ойношоттор;* **шакшак көзүм бар** *батк.* чакмак таш ойнунда эки таш бири – бирине тийишип кеткенде айтыла турган сөз.

ШАКШАК III: шапыра шакшак *ал.* тыптыйпыл; *малды шыпыра шакшак айдап жөнөптүр.*

ШАКШАПА *түшт.* 1. тоонун боорундагы караган – бутактуу корум жер; 2. *жерг.* анча жоон болбогон тал, терек, бадал, ыргай ж.б.; *шакшапа кесип кел.*

ШАКШУРУ *батк.* ичке, сүйрү кызыл шурулардан бир нече кат – кат кылып тизилген оромо кооздук; *шакшурудан мектептин музейине койгон элек.*

ШАКШЫЛ *батк.* чүкөнүн төрдөн атмай ойнунун бир түрү; *шакшылда сака чике болсо, ашык да чике болсо, же экөw тең пөкө, алчы же тава болсо, шондо утат.*

ШАКЫ: кара шакы *тал.* кара сулуу; *кара шакыны үзгөнү туру* (кээ бир жерде ал «арпакан, кара сойлок» деп да аталат).

ШАКЫЙ I *пам.* алжып калгандык;

кырк жыл кыргын болсо, бейажал чымын өлвөйт десем, түшүнбөдү, шакый болуптур.

ШАКЫЙ II *атб.* алаюу; *жутуп ийчүдөй шакыйа карады.*

ШАКЫЙНА I *батк., жерг.* 1. приступ оору; *онун шакыйнасы тутуп калыптыр*; 2. баштын шакый оорусу.

ШАКЫЙНА II *суз., терг.* колдун ак тырмагы; *он колумда он шакыйна.*

ШАКЫЛДАК *жерг.* чакмак таш ойнунда таштарды бири – бирине тийиштирип алуу учуру; *шакылдакты койуп, шаа кәсәләрди жуwчу, кызым.*

ШАКЫР: шакыр – шукур *алб.* шак – шук этип чыккан үн; *ол айылдын аттары шакыр – шукур тевишет, бу айылдын аттары такыр – тукур тевишет* (таб. чий токугандагы таштардын кагылышы).

ШАКЫТ *тяньш.* 1. эргүү; *чыгармачылык шакытта учкай кыйал чавыттарын жүзөгө ашырышкан;* 2. *зам.* күүлөнгөндүк; *ачуwуңду маңа бер, шактыңдан кайт.*

ШАЛ I *батк.* ачык кызыл түс; *шал кызыл илэс сатып алды.*

ШАЛ II *ыск.* илгери Синцзян тарапта колго түшкөн адамдардын мойнуна салынган ортосу көзөнөк калың жыгач тактай.

ШАЛА I *батк.* алжырак, тешикче; *ап кеген бөзүң шала – шала экен*; **ала – шала** *тал.* быты – чыт, тымтыракай; *кардын ала – шаласы чыга эриди.*

ШАЛА II *тоң.* 1. этсирөө; *балдар шалап кетти;* 2. *түшт.* үстөккө – босток дембелөө; *сууну шалап ичти.*

ШАЛАА *батк.* 1. зоо таштардын тийишип турган жерлериндеги ачык тешик; *шалаадан кийик өтүп кетти;* 2. *жерг.* салаа – салаа болуп кеткен жар, талаа; *шалаа жерди көрдүңбү?*

ШАЛАВУЛА *жжол.* мууздап жиберүү; *кекиртегин шалавулап живерди.*

ШАЛАЙ *жжол.* 1. катыраңкы өсүмдүгүнүн даны; *шалайын мен өзүм да жулгам;* 2. мөмө; *шагы ийилип, шалайын тиреген алмалар.*

ШАЛАК *батк.* 1. оозуна келгенди сүйлөгөн адам; *оwзу жүдэ шалак шунун;* 2. бечел, шалкы; *онову шалакты караң, шайвыр – шуйвур сары баатыр, ташка койсок – эрип кетет, сuwта салсак тоңуп калат дейт* (таб. сары май).

ШАЛАКЫ *жерг.* 1. сүйлөөк; *эшекке така какса, курбака айагыны көтөрөт десе, шалакы деди ону;* 2. аягы суюк; *сылан шайы сурайт, ол шалакы.*

ШАЛАЛА I *чүй.* этти калтырбай толук жеөө; *бос койдун куйругун шалалап жеп кетиптир.*

ШАЛАЛА II *атб.* жылчыктан шыкаалап кароо; *шалалап караса, көрүнүптүр бир нерсе.*

ШАЛАМАЙ *ал.* коюу эзилген сүзмө; *шаламай кылып жейвиз.*

ШАЛАМАТ *зам.* куймак; *эшек Мәккәгә барып халал бовос, шаламатың жей бер.*

ШАЛАҢ I *батк.* анык талаа; *мындан нары дарагы жок эле шалаң.*

ШАЛАҢ II *пам.* жука, үлбүрөк, кең, бош; *шалаң мәрли кен, ун туташ өтүп кетти.*

ШАЛАҢ III *атб.* жылкынын куйрук түбүн куюшкан кесип жара сымал кылып жибергендик; *атыңдын куйругу шалаң болгонбу?*

ШАЛАП I *түнд.* 1. бүркүткө берилүүчү туздалбаган, каны жуулган эт (кээде ал «ак жем», «жуумал» деп аталат); 2. *ыск.* дарылык үчүн кайнатылып берилген карандай суу; *шалап суу ичип бир айда түзөлдү.*

ШАЛАП II: шалап – шалп *ал.* 1. шарп этип толкугандык; *көл шалап – шалап этип жатат;* 2. тез кыймыл менен ажыраткандык, бөлгөндүк, тараткандык; *шалап – шалап эте сал.*

ШАЛАП III *жерг.* шалп; *шалап этип жыгылды.*

ШАЛАПТА *ал.* 1. чалпылдоо, чалпылдатуу; *булгабай, шалаптатпай отур;* 2. «шалап» берүү; *бүгүн шалапта, жемин бер.*

ШАЛАТ *өзг.* былкылдаган саздак жердин шалбаасы; *атты шалатка аркандап кой.*

ШАЛАТЫ *батк.* жагылган таш көмүрдүн уюндусу; *биз жакта шалаты дейт.*

ШАЛВА *жжол.* сөңгөгү жумшак өсүмдүктүн аты; *шалва менен теңге чөптү көрсөтөйүн.*

ШАЛВААЛА *чүй.* салбыроо; *эшикке чыкса эле шалваалап келет да.*

ШАЛВАР *өзг.* ат кулак; *огороддун жээгиндеги шалварды чаап ташта.*

ШАЛВАРА *суз.* кең жасалган шымдын бир түрү; *шеригиге шалварасыны берди.*

ШАЛВЕЛВЕК *карс.* белге байланган чарчынын бир түрү; *орто бойго жарашкан орус бото шалвелвек.*

ШАЛВЫР *жумг.* дененин кубаты; *шалвыры бошоп, көзүң чылпак баскан.*

ШАЛГАЙ *батк.* бутак; *шалгайга илинип калыптыр.*

ШАЛГАМ *жерг., ноок.* жазы чоң үч – төрт жалбырак чыгарып, жерге тарап өсө турган өсүмдүктүн аты; *шалгам чөптө өзөк бовойт.*

ШАЛГАН *лейл.* уругу жок, өңү кара жүзүмдүн бир түрү; *шалган жүзүм, чилги жүзүм, кусейин жүзүм бар.*

ШАЛДА *тал.* бышкан камырды этке аралаштыруу; *шалдап жегендин күлпөтүнө бир каналычы.*

ШАЛДАЙ: көлдөй – шалдай *чүй.* опсуз кең, чоң көрүнүш; *көлдөй – шалдай бөлмөлөрдүн эмне кереги бар?*

ШАЛДАКЫ *батк.* урушчаак; *эки жәшәвәй шалдакы бово.*

ШАЛДАМА *чатк.* 1. беш бармак өңдөнтүп, бирок эти кесек тууралып жасалган тамак; *шалдама жасавасаңар ширин күрүч кыла койгула;* 2. *жжол.* бозонун тобун сарыктырганда чыккан суюгу; *шалдамасын бекер ууртатчу эмес эле, эми карасаң, ысылыгына эт салып.*

ШАЛДАҢ *суз.* карып, алсыз; *илгери кээ бирөw малы жок шалдаң өткөн.*

ШАЛДЫБАЛДЫ *ыск.* тымтыракай; *шалдыбалдысын чыгарып салыпсың го.*

ШАЛДЫР *жжол.* тоо бети таштуу келип, кулап турган жер; *шалдырдан нары өтөвүз.*

ШАЛДЫРАК I *нар., эск.* 1. табылгыдан жасалган камчынын бир түрү (шалдырай турган бир нерселер тагылат да, балдар камчыланат); *шалдыракты балдар камчыланат;* 2. *түшт.* аттын куйругуна, чачка тагылган сүйрү кооздук.

ШАЛДЫРАК II *батк.* караган сымал келип, барсылдак мөмө алып, сай жерде өсүп, кычышканга дары катары колдонула турган өсүмдүктүн аты; *шалдырактан үзүп келчи, көрсүн.*

ШАЛЕМ: ала шалем *өзг.* чала – була; *ала шалем кеп менен.*

ШАЛК *чүй.* шалпык; *ээрди шалк бото көз.*

ШАЛКЫЛДАК I *өзг., эск.* «каным пааша» ойнунун жазасы (төбөгө чыканакты коюп, анан чыканакты тартып алып муштоо); 2. *жерг.* эки колду салаалаштырып туруп, арты менен уруп жазалоо (азыр мындай көрүнүш жок).

ШАЛКЫЛДАК II *батк.* аңкылдак; *шалкылдак айал, бейгалава жүрө алвайт.*

ШАЛКЫМ *пам.* бабыр, оозго келгенди оттогон тантык; *бир шалкымдан корком, бир шалакыдан корком.*

ШАЛОWЛО *жжол.* шалала; *чоң бычак менен шалowлоп жатты.*

ШАЛПА *жжол.* таар чатыр; *шалпаны торсунга илип кой.*

ШАЛПААР *жжол.* көк майсан; *жалаң гана жашыл шалпаар жамынган талаа.*

ШАЛПАҢ I *ал., эск.* жородо, үйүлүштө «кыркмадан» кийин берилүүчү төрт литр чамасындагы бозо, кымыз; *шалпаңды бир же эки дем алып ичкен, пыш этсе, жаза тарткан.*

ШАЛПАҢ II *өзг.* жалбырагы жазы, чоң келген өсүмдүктүн аты; *шалпаң өскөн жерге баралы.*

ШАЛПАР *жерг.* абдан чарчагандык; *шунча аарып шалпар болдум ки.*

ШАЛПАРЛА *ыск.* удургуу; *сыдырым жел өрөөнгө шалпарлап илеп согуп жатты.*

ШАЛПЕТМЕ *тыньш.* 1. этин чоң – чоң туурап, үстүнө жупканы үзүп салып, сорполуу кылып жасаган тамак; *шалпетменин камырын жука жайып жасайт*; 2. *ыск.* экчеме.

ШАЛПЫЛДАК *тыньш.* 1. шалпык; 2. токтогон кара көлдүү жерлерге чыгуучу өсүмдүктүн аты; 3. жаңы туулган жаш козу – улактын жумуру; *козунун шалпылдагында ууз болот;* 4. ошол «шалпылдакты» кошуп эзилте жасаган эжигей сымал тамак; *шалпылдакты жууратtан жасайт;* 5. *жерг.* ийилгич жаш бутак, чыбык; *кесип кеген путагың шалпылдак экен*; 6. шалпаң кулак; *күчүгүдө кулагын кеспесең шалпылдак болот.*

ШАЛТАК I: көк шалтак *чатк.* шыпыргы гүлдүүлөрдүн тобуна кирип, көк гүл ачып, жалбырагы жарыша жайланышкан, сабагы төрт кырданып өскөн, бою 50см ашпаган, мал жакшы оттоп, тамыры кыска келип, чачырап өскөн өсүмдүктүн аты; *шалтак бу Мийәнколдо көп өсөт.*

ШАЛТАК II *батк.* былжырап эзилип калган өрүк; *өрүктүн шалтактарыны башка тер.*

ШАЛТАҢ I *батк.* арамза; *шалтаң менен гәп жеве, жалтаң менен жол жүрвө.*

ШАЛТАҢ II: шалтаң–шалтаң *батк.* бойду алга таштап өкчөндөгөндүк, өкчөндөп баскандык; *көп эле шалтаң–шалтаң баспачы.*

ШАЛТЕКЕ *түнд.* карала – торала болуп, кирдеп калгандык; *ий, шалтеке болуп кеткен тура.*

ШАЛТОЙ *жерг.* чоң тойго бир күн калганда бала өзүнүн курбуларын чакырып сыйлоосу.

ШАЛЧА I *ноок., жерг.* 1. жеңил, кооз согулган таардын бир түрү; *шалчага чыгып отуруң;* 2. ошол таардан жасалган ат жабуу; *жүгөн менен шалчасыны буктөп ал.*

ШАЛЧА II *батк.* чачылуу жоолуктун бир түрү; *шалчаны салынса, жүдә чирәйлуw көрүнөт.*

ШАЛЫ *өзг., суз., батк.* данынан күрүч алына турган өсүмдүк; *шалы бүткөн жер экен* (кай бир жерде бул өсүмдүктүн атын анын даны акталгандан кийинки аты «күрүч» деген сөз менен алмаштырылып «күрүч эк, күрүч ото» деп жаңылыш айтып жүрүшөт. «Күрүч» кабыгы акталгандан кийинкиси ал өнбөйт. Демек, «шалы эк, шалы ото» деп айтуу туура. Өзгөн, Сузак, Баткен тарапта шалыны: «арпашалы, буwдайшалы, кәрис, киркәс, акшалы, чилгишалы, жайдары шалы, дәвзирә» деген сыяктуу ж.б. түрлөрү ажыратылат. Ага карата: «шалыпайа, богок, ала, жел, көчөт, баш тартты, кәлтәпакал, күрмөк, кызыл, авшак, пал, чак, чәйлә, ылайда, эневаш» деген өндүү ж.б. сөздөр колдонулат);

◊ **шалы эгип койду** жаш баланын уйкусурап сууланып калышы.

ШАЛЫКӘР *батк.* 1. шалы эгилүүчү жер; *илгери шу йерлер шалыкәр эде*: 2. шалы эгүүчү киши; *шалыкәр болдуңбу?*

ШАЛЫПАЙА *түшт.* 1. шалы айдалып, көк маясы өнүп калган жер; *шалыпайага түшүп кетти;* 2. даны түшүрүлүп алынгандан кийинки маясы; *шалыпайадан уйга салып кой;* **шалыпайа болуп кете жаздадым** көлкүлдөп суу болуп кала жаздадым.

ШАЛЫЧЫ *түшт.* шалы айдап, багып өстүргөн адам; *шалычы экәни көрдүм* («шалыкеч» болуп да айтылат).

ШАМ I *батк.* балдар ойнун баштоо үчүн бир колду муштум, бир колду шапалак бойдон коюп, бир нерсе жашырып, анан эки колду өйдө тик көтөрүп, кайсынысын аласың деп оюндун кезегин белгилөө жолу; *шам тәштә шам шөрөлгөсүн иште.*

ШАМ II *түп.* ар, жүйөө; *отургандарга не шам, ыкшып күлүп калышты.*

ШАМ III *тал., эск.* 1. кумурсканын уюгуна саюу үчүн кебезден эшилип жасалган билик; *шам кылып уйукка койушкан* (азыр мындай көрүнүш жок); 2. *атб.* илгери балдар кызамык өндүү оору менен ооруп калганда, анын жанына шам күйгүзүп койгондук (азыр бул көрүнүш жок).

ШАМА I *батк.* жандатып, жакындатып тийгизе сүйлөгөндүк; *маңа шама кылып гәп урду, мен үндөвөй эле койдум.*

ШАМА II *жерг.* чама; *чәйдин шамасы дә.*

ШАМАК *жерг., ноок.* ат кулак сымал үч – төрт сабак алып, ичке тарам – тарам жалбырак чыгарган өсүмдүктүн аты; *шамак силердеги кызыл кuwрайга·окшош.*

ШАМАЛБАК *түшт.* 1. сөйкөгө кадалган жука күмүш кооздук; 2. *пам.* чачкептин тор чачысына илинген үч – төрт бурчтуу кутуча кооздук; *шамалбак кооз, асем болот* («шамалбек» болуп да айтылат, кай бирде ал мончок, акактардан да тизилип жасалат).

ШАМАЛГАН *пам.* чач бооло тагылуучу жука, жалпак күмүш кооздук; *шамалган азыр дә учурайт.*

ШАМАЛКӨЙ *акт.* шамалдуу; *быйыл шамалкөй болду.*

ШАМАЛЫК *жжол.* жаңылык; *дагы шамалык алып келдиңби?*

ШАМАНА *жерг.* чырак; *шамана алып келдиңби?*

ШАМГАЛАТ I *пам.* 1. ай эми чыккан мезгил; *шамгалатта чыктым эде;* 2. *батк.* мунарык; *шамгалатта даана көрүнбөс.*

ШАМГАЛАТ II *ал.* кетирекей; *шанаңтайдын шамыйан кайрары жокко* (кыр көрсөтө албай калган го).

ШАҢ I *батк.* жылчык; *шаңдарды мәкәм бекит, дувал пышык болот.*

ШАҢ II *атб.* 1. тоонун даана, ачык кыры, чокусу, бийик жери; *шаңга тура калганда кийик экени даана көрүндү;* 2. *атб.* мылтыктын кароолу; *мылтыкта жыдыман, шаң деген эки кароолу болот.*

ШАҢ III *алк.* 1. айдын жарыгы; *шаңдагы ким деп кыйкырып чыкчу экен;* 2. *ттороо.* таңга жуук жерге жаңы жарык кирип келаткан мезгил; *күлүктү шаңда туруп отко кой;* 3. *пам.* көңүлдүүлүк, көңүл ачылгандык; *ширинден жеп өзү шаң.*

ШАҢ IV *пам.* 1. бучук; *шалакы болсоң, шаң болсоң, ондо нимне көрдүң?* 2. *өзг.* тик тилинип салынган эн.

ШАҢ V *пам.* белек, сыйлык; *шаң берип чыгарган экен.*

ШАҢГААЛ *ыск.* зоонун эң кылда учу; *тээ зоонун шаңгаалын тиктеп көрчү.*

ШАҢГАЛАТ *батк.* түн ичинде көрүнгөн үлбүлдөк жарык; *онавы пурожектордун шангалаты тийет экен.*

ШАҢГЫРОО *тоң., сейр.* коңгуроо; *шаңгыроо кылып ургандай.*

ШАҢДОW *пам.* тоонун асман тиреген эң бийик жери; *тээтиги шаңdowdo бир теке элейип карап турат.*

ШАҢКАЙ I *түшт.* чаңкайып ачык турган; *ава шаңкай ачык.*

ШАҢКАЙ II *жерг.* болор – болбоско уруша берген; *менин жеңемди шаңкай деп койчу.*

ШАҢКАЙ III *жерг.* шадыраюу; *мурду шаңкайган келинивиз бар.*

ШАҢКЕЛЕҢДЕ *ноок.* ойсоктоо; *о шаңкелеңдеген неме үндөвөй калды.*

ШАҢКЫ I *ноок.* тумандап, бозомук тартып, жаан жаап турган учур; *күн ала шаңкы болуп булаңдап жатат.*

ШАҢКЫ II *жжол.* уккулуктуу; *шаңкы күwдүн бири го.*

ШАҢКЫ III *батк.* 1. лапылдап сүйлөгөндүк; *бакырып сүйлөгөн шаңкы турвайвысың;* 2. ачык – айрым; *ал шаңкы даңкылдап сүйлөйт.*

ШАҢКЫ IV *ар.* бардар болуп, алым – беримдүү келип, чатырап жүрүү; *шаңкып жүргөн өз атам.*

ШАҢКЫЛ *чүй.* шаңкылдаган; *кыз живектин шаңкыл шайыр күлгөнү ай!*

ШАҢТАК *чүй.* катып калган шакшак; *койдун шаатагын тазалайсың дедим.*

ШАҢШААР *түп.* тик, кууш; тар келген капчыгайча; *Сары–Жазда шаңшаар болгон жер көп.*

ШАҢШАК *тоң.* тоонун тик, жалама жери; *алар шаңшактан кайтып келишти.*

ШАҢШЫМА *жерг.* 1. жамбы; *илгери мөwрөйгө шаңшыма койгон экен;* 2. *пам.* үндү бийик чыгарып чертилчү күү; *шаңшыма тәйчини чертиң.*

ШАҢЫР *жерг.* кетирейген бучук; *онун буруну шаңыр эде.*

ШАҢЫРАКАЙ *ыск.* шаңырайып көрүнгөн; *шаңыракай келини бар экен, теле тың көрүнөт.*

ШАҢЫРЫК *зам.* мурдун өйдө көтөргөн; *о шаңырыктын тили тикен жарат.*

ШАП I *зам.* устун; *шап кылыш үчүн терек кестим.*

ШАП II *жерг.* адыргы; *тааpды шап менен согот.*

ШАП III *жжол.* чөптүү талаа; *оwлунун атравы шап.*

ШАП IV *жерг.* чап; *шап жаак жигит.*

ШАП V *батк.* 1. чикит ойнунда колду аркага алып, женди кармап туруп, анан балакайды чабуу; *чикәлдәктин энди арка шавы болот;* 2. *атб.* чакмак таш ойнунда колду аркага бурай кайрып, өйдө ыргыткан ташты кайра тосуп алуу.

ШАПА *жерг.* сыйда чыбык; *шапа кесип кел.*

ШАПАДА *жерг.* жел аргы; *шапада жүрүп турат.*

ШАПАК I *пам., эск.* тумактын ичинен кийиле турган жука топу; *шапакты шырып жасаган да* (азыр бул «шапак» кийилбейт).

ШАПАК II *жерг.* ашыртып; көбөйтүп, мол кылып жибергендик; *сиз коргосоңуз шапак кылалы.*

ШАПАК III *зам.* көзү начар көргөн; *Үмәткул шапак болуп калыптыр.*

ШАПАЛАК I *батк., сейр.* көпөлөк; *шапалак учуп конгон гүл, шапатын көрүп өмүр сүр.*

ШАПАЛАК II *жерг., ноок.* алакан; *авал эшекти жүктүн алдыга эшек ки бовосо, жүктү эшектин алдыга, ону билбесе ого шапалак.*

ШАПАЛАК III *батк.* өңү сары келип, чоң бадырайып, жылмакай тартып, ширелүү болуп, как жасаганга жарабаган өрүктүн түрү; *эким шапалактын башыга чыгып тер* («эким шапалак» деп да айтылат).

ШАПАЛАК IV *тал.* сорпого төрт бурч – төрт бурч кылып үзүлүп салынган камыр; *шапалакты боорсоктой кылып кесет.*

ШАПАҢ *жумг.* шалпайган көрүнүш, нерсе; *кеветеси начар, шапаң кулак, буттары тейтек.*

ШАПАТ *батк.* жүл килемге түшүрүлгөн «бир өзөк, карын, эки кол, үч тумшуктан» турган кичирээк көчөттүн аты; *бир жанаша көчөттө он эки шапат болот.*

ШАПКАН *алб., ноок.* салмоор; *шапкандын эки алаканы болот.*

ШАПКӨР *зам.* күндүз көрүп, түнкүсүн көрбөгөн чала сокур; *о шапкөр меймандап кеткенби, кәсәл боп каганбы, кевей калды.*

ШАПООР *атб.* шапар; *күн сайын эле шапоор тебе береви?*

ШАПТА *зам.* үйдү жылмалоо, жылмалап шыбоо; *лай кылдым үйдү шаптайын деп.*

ШАПТАЙ *жерг.* бир аз; *бизде шаптай жер бар.*

ШАПТОWЛУГАК *батк.* шабдаалыдан кургатылып жасалган как; *әйил бошоп калыптыр, тартып койуп шаптowлугактан апчыгың.*

ШАПТОЙ *жерг., эск.* нике тойдон мурун үйлөнө турган жолдош – жоролорун кечки тамакка чакырып, оюн – зоок куруп, анан ынтымак уюштуруу учуру; *шаптойдо жардам берет* (азыр бул көрүнүш эскирген).

ШАПШААЛ *жумг.* 1. тик зоолуу, татаал капчыгай; *шапшаал жерге жалгыз баргандан коркот;* 2. тоодон кум, таш, шагыл, корум кулап түшүп, чөп басып калган үйүндү; *зоолу шапшаалдан ат өтө алвас.*

ШАПШАҢДА *чүй.* шапшаңдоо; *баары телтеңдеп шапшаңдашса – тамтык калабы.*

ШАПШАП I *жжол.* шүүдүрүм; *шапшапта бешилик менен кайда?*

ШАПШАП II *түшт.* 1. тик жар; *кел, шапшаптан түшөлү, же сен, же мен кыйын болом;* 2. *акт.* суунун ирими; *суунун айлампалуу шапшавы бар.*

ШАПШЫМА I *ыск.* дөөдүр, тантык; *дитим барвайт деп отурат тиги шапшыма.*

ШАПШЫМА II *ыск., сейр.* чыктаган эт; *шапшымадан калды бекен?*

ШАПЫ I *түшт.* ээлүү буюмдарды сатып алуу үчүн кошуналык акысы бар адам; *беде менен буудай пакалды шапыга саталы.*

ШАПЫ II *өзг.* касам, ант; *шапы кылды.*

ШАПЫЛ *зам.* ортоңку устун; *шапылды үйгө көлдөлөңүнөн койот* (кээде ал «орто кары» деп да айтылат).

ШАПЫР *зам.* беш таш ойнунда «айгүлдөн» кийин колдогу таштарды бүт өйдө ыргытып, анан жердегилерин терип алуу учуру; *шапыр богондо саканы гана ыргытпайт.*

ШАПЫРТТА *тал.* шуулда; *шапырттаган жалбыректар бар.*

ШАР I *ноок.* 1. суу аксын үчүн там үйдүн кыр жээгине коюлган калай ноочо; *ол суw акчусун биз шар деп эле койовуз;* 2. *кочк.* топ таш ойнунда сөөмөйдү ортонго отургузуп, анан ортон менен бармакты жаа түрүндө керип жерге тийгизип, андан таштарда айдап өткөрүү учуру; *шар болгондо таштарды бирден киргизет.*

ШАР II *зам.* азоо; *шар кой адамга уштатпайт.*

ШАР III *батк.* тарс; *шар дегизип жара атты.*

ШАРА I *батк.* шаан – шөкөт; *шардан менен шарага кошулган.*

ШАРА II: шара–вара *ыск.* 1. ыпыр – сыпыр, көр – жер, эски – уску; *көр–жер, шара–вараңды жок кылчы;* 2. *өтм.* тиги – бу; ана – мына; *шара–вара деп эле жүрө бересиңби?*

ШАРА III: кара–шара *жерг.* алка – шалка; *кара–шара тердедим.*

ШАРААЗ *батк.* көңүлүндөгүнү сөз калтырбай сүйлөгөн киши; *сен шарааз болсоң, мундай болбойт эдең.*

ШАРААН: бараан–шараан *батк.* очор – бачар; *бараан–шараан болуп турат.*

ШАРАБЖАН *батк.* 1. курч кездик бычак; *эчки койго сын тагат, куйругуга кыл тагат – деди, шарабжанды курчутуп;* 2. устара.

ШАРАВАТ *өзг.* шербет; *арак–шараваттан үстөлгө койду.*

ШАРАЙИТ *жерг.* шарт; *шарайит болсо келевиз.*

ШАРАК *жерг., пам.* чакмак таш ойнунда таштарды өйдө үйрүп, анан аларды алакандын сырты менен тобу менен тозуп, жерге түшкөнүн бирден терип, аларды терерде колдогу таштарды тобу менен кайра жогору үйрүп тозуп алуу учуру; *мен шаракка келип токтодум.*

ШАРАНДОЗ *жерг.* бет ачар, айыпкер; *вой–вой, уйәлвәгәнини караң о шарандоздун.*

ШАРВЕТ *жерг.* шербет; *сүтү ширин шарветтей.*

ШАРДАК *пам.* шанандаган эрке; *Әсәмидин шардагы ол да келди жолуга.*

ШАРДАҢДА *ал.* өтө сүйүнүү, кубанып жүрүү; *көңүлү ачык болуп шардаңдап жүрчү.*

ШАРДОЗ *зам.* шоона; *оногу кәлтә шардозду берип койуң.*

ШАРК *жжол., эск.* ыр – хор; *майрам сайын шарк айтчувуз.*

ШАРКАНБОЗ *чүй.* уялбай, тартынбай ачык сүйлөгөн; *ал ошондой шарканбоз.*

ШАРКЫЙА *зам.* шаркыратма; *асман эгиз шаркыйа, сүйлөшүп агат дәрийә.*

ШАРКЫЛДАКЕЙ *тал.* беш таш ойнундагы онунчу илик; *чымчыккөз, анан удаа – шаркылдакей.*

ШАРП I *пам.* алдан тайып жүрбөй калгандык; *кечкече кой артынан жүрүп шарп болдум, аарыдым.*

ШАРП II *пам.* шалп; *нары шарп–бери шарп, арык койдун арты шарп* (таб. боз үйдүн эшиги).

ШАРП III: олоң–шарп *ал.* мал – мүлк; *олоң–шарпы, оттук–пычагы бар бекен?*

ШАРПА *пам.* 1. дүбүрт; *бир нерсенин шарпасын алса керек, ит үрүп жатат;* 2. *жжол.* кабар; *үйлөп койуптур деген шарпа уктук;* 3. шыбыш, үн; *шарпа билдирбей өт.*

ШАРПЕТЕК *пам.* боз үйдүн эшик тышынын төмөнкү бөлүгү; *эшиктин шарпетегини көктөп койойун.*

ШАРПЫЛДАК *чүй.* көбүнчө тоого чыга турган жалбырактуу өсүмдүктүн аты; *Кегетинин тоосунда шарпылдак өсөт.*

ШАРПЫН *ыск.* агын суунун кулап акканда чыккан күүсү; *суу шарпыны болуп калчу апаппак.*

ШАРТНАМА *түшт., эск.* келишим, күбөлүк; *бир шартнама түзө салды.*

ШАРШАРА *зам.* төмөн карай урунуп – беринип шар аккан суу; *ак мөндүр суw шаршара, ак Суwсар бала бир кара.*

ШАРШЕ *тяньш.* жапайы бадал өсүмдүгүнүн бир түрү; *шаршени кара шаршембиде да таап көрсөтөрмүн.*

ШАРЫМАЙА *зам.* уят – сыйыт; *шарымайа сизде көп.*

ШАСТ: шастымды хафтот кылва *жерг.* жолтоолук кылба, тоскоолдук көрсөт.

ШАСТАР *жерг.* ыкчам, тез; *ол жүдә шастар бала.*

ШАТ I *ноок.* арабанын чабак жыгачы; *арвада шат, күпчөк, кегей, тогун, чойон, алкак болот.*

ШАТ II *ыск.* кере таштaлган арым; *шат арыш таштап төрдү көздөй көтөрүлдү.*

ШАТАВАР *пам.* 1. кымбат баалуу товар, кездеме; *илгери тукавадан шатавар болор эде;* 2. *жерг.* бейкасам; *шатавар алып сатыптыр.*

ШАТАК *жерг.* 1. үй ичинде бутка салып алма тапочка; *турваган баланын эми ушу деп, шатак менен койуп жүгөрвө;* 2. жалпы эле шалп этме нерсе; *шатак деп чыгып кетти.*

ШАТАЛА *батк.* суюк заңдоо; *паданыкыдай кылып шәрт–шәрт ыргытып шаталап калат.*

ШАТАЛАК *тал.* шатала; *шаталак чычкан, кудай аткан куw мастен.*

ШАТЕК I *тал., түшт.* 1. арабанын валегу, бастыромке илине турган туура жыгачы; *шатек өрчүктөн чыгып кетиптир;* 2. бастыромке; *шатек үзүлбөсүн мәкәм байла;* 3. *өзг.* моюнчадагы жипке байлануучу кыска жыгач; *соко айдаганда шатек пәркәл колдонулат;* 4. *акт.* моло таштын эки жан жыгачынын баш жагына туурасынан орнотулганы; *моло таштын шатеги экөө.*

ШАТЕК II *жерг.* шаты; *шатек менен үйдүн дөвөсүнө чыгат.*

ШАТЕК III *ал.* жылкынын буту катуу шилтенип тебиши; *ол ат шатек салып тепти.*

ШАТЕКТЕШ *жерг.* 1. тизмектеш; *бири экинчисине шатектешип көвөйөт;* 2. кол кармашып кырка тизилүү; *шар–шар шарылдак, пыш–пыш пышылдак деп шатектешип турат.*

ШАТМАН *жжол.* шайыр; *үнүн көтөрө шатман алик алды.*

ШАТПУТ *пам.* узун шыйрак; *шатпуттун тамагы тосулд бүwүлдү.*

ШАТРАШ *түшт.* шашка оюнду бир түрү; *шатраш ордо.*

ШАТТЕЙ *батк.* аягы суюк *атаңды, шаттей әйе!*

ШАТЫ I *батк.* чийненин төр бурчундагы тик жыгачы; *ардык күн чигинеге шаты жасадык:* ◊ **асманда шаты болвойт, болсо да чыгып болвойт** *жерг.* эч айла жок, мүмкүнчүлүк болбойт.

ШАТЫ II: шаты тыт *батк.* жалбырагы жүзүмдүкүндөй чоң калың келип, бутактары муун – муун болуп өсүп, бышканда карарып өң алып, июль – август айларында жетиле турган тыттын түрү; *сөwтүн кордовойт ow, келиң шаты тыттын тәгигә.*

ШАТЫВА *пам.* мата сымал товардын бир түрү; *шатыва көйнөгүмдү чечип алдым.*

ШАТЫВАР *жерг.* шаты; *шатыварды алып келип кой.*

ШАТЫПАЙА *жерг.* тепкич; *шатыпайа жасап жатасыңбы?*

ШАТЫР *лейл.* шайыр; *шатыр жигиттердин бири шул.*

ШАТЫРАК *зам.* сайгактагандык; *сыйырлар шатырак богонго окшойт, сайалап каптыр.*

ШАУ *жжол.* 1. шуу; *шау деп басып кирип барсак;* 2. *жерг.* чоң суулар тоо ылдый кулап акканда пайда болгон күү; *сүwдүн шаүwү кулакка башкача үгулат.*

ШАУЛДА *жжол.* суу кирип күркүрөө; *эки сүwдүн шаулдаганы гана үгулат.*

ШАХДАСТ *жерг.* зыкым; *өкүнгү шаш сомду бервей немесиң, шахдаствысың?*

ШАХСАН *зам.* өзүм гана, жеке өзүм, бир өзүм; *бу гәпти шахсан мен билем.*

ШАФ: шаф–шаф *жерг.* өөдүк – сөөдүк, тантыр – мантыр; *шаф–шаф дегенден шаптолу жеген жакшы же шаф–шаф дегиче, шаптолу деп кой* (майдалап отурбай оюндун түзүн, тикесин айт деген мааниде айтылчу туюнтма).

ШАШВАР *өзг.* чочмор; *шашвардын башы тоголок.*

ШАШКАЛАК *чүй.* бүркүттүн чөлдө жашап, өңү саргыч келип, көбүнчө шашкалаптап кыймыл жасаган түрү; *чөлсары, баатыр сары, шашкалак болуп бөлүнөт.*

ШАШМАЛА I *тяньш.* алты атар мылтык; *илгери болгон дейт ко шашмала.*

ШАШМАЛА II: шашмала–шаш *жерг.* «дүмкелтек» ойнунда балдарды алаксытуу үчүн «шаш эле шаш» деген мааниде айтылчу сөз; *шашмала–шаш деп бакырат.*

ШАШЫЛ *өзг.* шашылыш; *ишиң шашыл экен да.*

ШАШЫР *чатк.* чачысы топ болуп калдайып өсүп, өзөгү узун чыгып, сүйрү жазы тарам – тарам жалбырак алып, түбүнөн үчтөн – төрттөн сап чачыратып, майланышкан жабышкак зат бөлүп, ачуу жыт берип, көбүнчө кой – эчки жеп, түбү кызгылтым келген өсүмдүктүн аты; *Тегерек–шашырдын гени экен*; **авган шашыр** *зам.* сабиз жалбырактуу келген куурай өсүмдүк; *авган шашыр өсөт*; **айуw шашыр** даамы ачуу келип, жылкы жебей, жесе көзүнө ак түшүрө турган өсүмдүк; аны көбүнчө жандык жана уй оттойт, чачыгы топ болуп чыгып, узундугу бир метрге чейин чачырап тарап өсөт да, өзөгү 1,5м чейин сабак алып, тамыры жоон келип, сары гүл ачып, гүлү шире алып, көбүнчө тескейге чыгып, кеч куураган өсүмдүктүн аты; **ак шашыр** «шашыр» өсүмдүгүнүн өңү агыш келген түрү; *ак шашыр, бөрү шашыр жатат жайнап*; *буwра шашыр* бою жапыз келип, 80 – 100 см чейин бутактап өсүп, малдын бардык түрү жеп, чайыры көп келип, кээде сыртына кайнап чыгып, көбүнчө күңгөйгө өсүп, тезирээк куурай турган өсүмдүктүн аты: *айуw шашыр, буwра шашыр–экөw тең Чаткалда көп өсөт;* **бүйрө шашыр** чайыры кычкыл курч жыт чыгарып, өзү майдараак өсүп, түбүн жулганда сүт сымал ак зат чыгарган өсүмдүктүн аты; **төw шашыр** көбүнчө төө жей турган, ак чайыр заты көп өсүмдүктүн аты (бул өсүмдүк кай бир жерде «шашыл» болуп да айтылат).

ШӘӘН *жерг.* 1. оюн – зоок: *шәәни кылып келдик;* 2. *өтм.* сыймык; *шәән менен басат.*

ШӘВӘНДӘЗ *батк.* адамга жакын, кишичил, адамгерчиликтүү; *ону баласы дә адам шәвәндәз киши болуп чоңойот.*

ШӘВЛӘ *батк.* күрүч ботко; *шәвлә кетсе–кетсин, аброй кетпесин* (мак.).

ШӘГӘЗӘ *алб.* жээгине гүл салынып оймолонгон жыгач аяк; *шәгәзәгә куйчу, жүдә ичейин.*

ШӘГИТ *батк.* шакирт; *шәгити устасыдан өткөн*; ◊ *шәгитсиз уста –мевәсиз дарак.*

ШӘДӘ *карс.* пахта ташый турган шатылуу араба; *шәдә менен пахта ташыйт.*

ШӘДДӘ *ноок.* үйдү шиферлегенде анын астына коюлуучу узун тактай; *шәддәләрди өзүчө бөлүп кой.*

ШӘЙИ *өзг.* шайы; *ак шәйи көйнөк кийиптир.*

ШӘЙИН *батк.* бел боо, бел курчай турган чарчы; *анавы баланын курчанганы жүдә жакшы шәйин экен.*

ШӘЙИТ *батк.* жибек куртунун аппак болуп өлүп калганы; *дәстәнин ичиден шәйит курт таптым.*

ШӘЙИШ *батк., эск.* илгери

«бәдик» айтканда колдонулган сөз; *лаа ийлә шәйиш, шәшми кү тәйиш* (азыр бул түшүнүк айтылбайт).

ШӘЙЛӘ пам. быч; *жең шәйләгән шәйирим.*

ШӘЙТӘН I *өзг.* жайлоонун тескей беттерине кымыздык өндөнүп ичке өскөн, жешке ылайык келген өсүмдүктүн аты; *шәйтән кымыздыкка окшош келет.*

ШӘЙТӘН II: шәйтән таш *батк.* учуна таш байланып, курулуш ишинде колдонула турган жип өлчөгүч (тикесинен салындатып өлчөнөт); *тайак эттен өтөт у, сөз сөwөктөн өтөт у, болуң шәйтән ташты алып бериң.*

ШӘЙТӘПӘК *төл.* шам чырак; *шәйтәпәкти кайда жоготтуң?*

ШӘК I *өзг., жерг.* шүүдүрүм; *кечээ жаан жаап, бүгүн шәк болуп калыптыр.*

ШӘК II *пам.* топозду тынчытууда колдонулуучу сырдык сөз; *шәк, каран кагыр!*

ШӘКӘЛӘҢКҮР *батк.* жүзүмдүн тоголок кызгылтым келген, даамы орточо, мөмөсү анча чоң эмес түрү; *шәкәләңкүр чилгиден кәттә болот.*

ШӘКӘПЧӘ *зам.* майда бөлүк, чачыранды; *шәкәпчәни эртеге түзөтөвүз.*

ШӘКӘРӘК *жерг.* ширенин талга, алмага жабышып бөлүп чыгарган суюк, жабышкак заты; *талды бүт шәкәрәк басыптыр.*

ШӘКӘР *түшт.* шекер, кумшекер; **шәкәрдин азы жакшы** *жерг.* ысырапчылыкка карата айтылган туюнтма.

ШӘКӘРЧӨП *батк.* ичке өзөктүү, жалбыractуу келип, башынан кызыл жумшак томолок байлай турган өсүмдүктүн аты; *шәкәрчөп кай бир жерде өспөйт.*

ШӘКӘРӘП I *пам.* бир эле түптөн ар кыл түрдөгү жалпак бутакча сымал чачыратып, алар бири – бирине жабыша өсүп, тегерегин жайпай каптап, анан чырмоок өндүү жерге же башка бир нерсеге жабыша өскөн, гүл ачпаган, өнү көгүш келген өсүмдүктүн аты; *шәкәрәптән самын жасайт эделер* (илгери бул өсүмдүктү жанчып, кайнатып, самын жасап алышчу экен. Самыны өтө катуу, анан жыттуу болчу экен. Азыр андай самын жасоо жоюлуп кеткен).

ШӘКӘРӘП II *жерг., түшт.* абдан бышкан помидорду таза жууп тазалап, узунунан же кыясынан жука туурап, анан майда тууралган пиязды ысык сууга салып, ачуусун кетирип жана жибитип кошуп, анын үстүнө туз, калемпир кошуп эзип даярдаган эң даамдуу татымал; *шәкәрәп жегенге о келеви?* **кошмо шәкәрәп** жогорку эле шәкәрәпкә бир тоголок сарымсакты майдалап, ага бышкан кара кесек этти кыя кесип туурап кошуп, анан бир азга думбалап коюп жасаган түрү; *кошмо шәкәрәпкә йәм жаңы пәмилдор керек.*

ШӘКӘРПӘЛӘК *суз.* коондун анча чоң эмес, сүйрү, сулпу катуу, кабыгы сары ала, даамы өтө таттуу түрү; *шәкәрпәләктән эч палаа каганбы?*

ШӘКӘРПӘН *лейл.* шекерден таттуу нанга окшотуп жасаган тамак; *шәкәрпәндән алып жең?*

ШӘКӘРТӨГҮЛДҮ *алб.* майда гүлдүү чыттын бир түрү; *бир кийимдик шәкәртөгүлдү алдым* («шәкәрсепти» болуп да айтылат).

ШӘКӘРХӘНДӘ *жерг.* шекердей ширин; *әжәп шәкәрхәндә кыз экен.*

ШӘКЕГЕ *ал.* шакаба; *сүwсасаңар энди каттыктап ичиңдер деп шәкеге кылдылар.*

ШӘКЕГЕЛЕ *ал.* тамашала, шылдында; *муну жазып алып Дароотко барганда шәкегелейсиң.*

ШӘКИЙНӘ *жерг.* шакыйна; *шу эжемнин шәкийнәси дагы тутуп калыптыр.*

ШӘЛӘМБЕТ *жерг.* 1. буламык; *балага шәләмбет саздап бер;* 2. *ал.* эт менен унду аралаштырып жасаган тамак; *шәләмбетке гөш калтыр.*

ШӘЛБЕЛВАК *жерг.* кооз жасалган кур; *белиге шәлбелвак бәйләниптир.*

ШӘЛПЭК: шәлпэк–шәлпэк *ал.* талпаң – талпаң; *шәлпэк–шәлпэк этпей тез–тез бассаң.*

ШӘЛТӘҢ *батк.* жорток, чоркок, өтүмсүз; *шәлтәң менен гәп жеве, жәлтәң менен жол жүрвө.*

ШӘМӘ *ар.* шалы аянтында өсүүчү өсүмдүктүн аты; *шәмә гүрүчкө зийән берет.*

ШӘМӘК I *суз.* көбүнчө жүгөрү айдалган аянтка чыга турган майда, жашыл чөптүн аты; *мәкәни шәмәк басып кетпесин;* **ит шәмәк** *батк.* чирче; *ит шәмәкти мал жейт.*

ШӘМӘК II *жерг.* 1. жел өпкө; *ойвой, шәмәк та шәмәк;* 2. оолукма; *көп шәмәк бовой сәәл ажак–бужагыңды карап бас.*

ШӘМИ *жерг.* делөөрүгөн дем; *онун шәмини бир аз кайтарды.*

ШӘМИР *жерг.* шал; *шәмир болуп кымылдавай калыптыр.*

ШӘМШӘРГӘР *жерг.* кылыч ондогуч; *ол хүнәрбоз, шәмшәргәр богон экен.*

ШӘМШӘРТ *батк.* 1. курч; *дәскәллә шәмшәрт болуп калытыр;* 2. өткүр; *балаң шәмшәрт бала болуптур;* 3. эпчил; *онун уwлу ләйләңбәз эмес, шәмшәрт.*

ШӘМШИТ *батк.* кээ бир жердеги «чымылдык, чымылдырык, иңгәк» деп аталган чөпкө окшош келген, бирок тоолуу жерге ак көгүш болуп чыккан өсүмдүктүн аты; *шәмшитиң шондой тәңгәдәй бәрк алып өсөт.*

ШӘНДӘРӘ *лейл.* сүйлөөк, бабыр; *онун уwлу шәндәрә боп кавасын.*

ШӘНДӘРӘДӘ *лейл.* бабыроо; *көп шәндәрәдәй берве.*

ШӘНИДИН *жжол.* кооздук үчүн камчы, сапка оролгон ичке тилке ак калай; *атасы бүкүрү хожо, энеси шәпәләк айым дегенди тапсаң, шәнидин жасап берем.*

ШӘҢГИЛ: әңгил–шәңгил *суз.* бөктөрүнчөк; *әңгил–шәңгили менен бастыр.*

ШӘПӘДӘҢ *батк.* үлбүрөк жука; *шәпәдәң пәрәң оронот.*

ШӘПӘДӘПӘЙӘ *жерг.* шамалдап отуруу үчүн сыртка жасалып коюлган супача; *ава, жүрүңдөр, шәпәдәпәйәгә отуруп чәй ичели.*

ШӘПӘЛӘК: көр шәпәләк *батк* 1. көзү кичинекей келип, көбүнчө суу бойлоп жашаган канаттуунун аты; *көр шәпәләк жолдо качпай тура верет;* 2. *жерг.* жарганат; *кәридордо бир көр шәпәләк учуп жүрөт.*

ШӘПӘТ *пам.* алакан; *шәпәт менен бир чапты.*

ШӘПӘТТӘ *батк.* алакандоо; *Айсын апа баласыны эркелетип секин шәпәттәп койду.*

ШӘПКИРТТӘ *зам.* кардап жаадоо; *күн шәпкирттәп жаап жатат.*

ШӘРИЙИТ *жерг.* абал, кырдаал: *ахырында шу шәрәйитке келди.*

ШӘРӘПТУW *батк.* даңктуу, сыймыктуу; *шәрәптүw иштен качпа.*

ШӘРВӘТ I *суз.* пахта айдалган аянттын суу тарала турган жерине 1,5 – 2м өлчөмүндө, 0,90 – 100см терендикте казылган аңга чыланып ачытылган жергиликтүү жер семирткичтердин ар кыл кошмосу; *шәрвәт ичкен гозо мурда пышат, косеги ирик болот, буласы узун, пышык келет.*

ШӘРВӘТ II *түшт.* шербет; *сөзүң ширин шәрвәт балдай.*

ШӘРИК *жерг.* өрмөк, килем согууда эриш – аркактарды ажыратып турган саландоор жип; *шәриги түз болсун.*

ШӘРИМ *жерг.* 1. уят; *шәрими жок девес беке?* 2. *өзг.* тобоо; *шәрим кывай онун сөзүнү кантип айтам.*

ШӘРИТ *алб.* тез, ылдам; *шәрит десем, тукумду койо койуп жазды.*

ШӘРЛИК: нәәдәни шәрлик *өзг.* билбестик; *ол тополоңду укпаган нәәдәни шәрлик.*

ШӘРТЕКИ *зам.* бетке айтар; *шәртеки болуп тywганыга йәм батпады.*

ШӘСТҮWЛҮК *жерг.* кубаттуулук, күчтүүлүк; *бу ат шәстүwлүгүдөн о атты койуп кетти.*

ШӘТӘЛИ *батк.* чөптүн кашеги; *аттын алдындагы шәтәлини алып ташта.*

ШӘТКӘ *ал.* аяктагандык, эки буттагандык; *аты азow чалыш экен, жөн эле шәткә салып жүрөт.*

ШӘТЕК I *зам.* куйрук улай демитип турган; *мәән ава йам шәтек болуп турат, машынага бата бекенбиз?*

ШӘТЕК II: ылай шәтек *ноок.* ордо ойнунун бир түрү; *онову ортагым менен ылай шәтек ойнодум.*

ШӘТЕКИ *зам.* бейбаш, селсаяк, тынып тынчыбаган; *жүдә шәтеки бала да, кайакка болсо шойакка кете берет.*

ШӘТТӘ *зам.* бетке чабар, урушчаак; *мунча шәттә бовосоң жок да!*

ШӘФИГИ *жерг.* даамы таттуу жемиш; *шәфиги алма, шәфиги өрүк өсөт.*

ШӘФТӘЛ *жерг.* шалтаке; *әжәп шәфтәл экенсиң, тазараак жүрсөң.*

ШӘШ *жерг.* 1. шаш; *гәп менен шәшвә, иш менен шәш* (мак.); 2. бол, тез; *такыйаны тевээрде «шәш эле шәш» деп кыйкырат.*

ШӘШӘН *ноок.* шашма; *Бәкир шәшән жакшы билет.*

ШӘШИ *лейл.* ирик; *кой бешке чыкса, пычылган болсо шәши дейт.*

ШӘШКЕ *ал.* кружка; *Сәлиймә эжеңин шәшкәсини сурап келчи.*

ШӘШМӘЛӘ *жерг.* далбасала; *шәшмәләп кетти.*

ШӘШПӘР *өзг.* 1. коло, жез; *бул идиш шәшпәрдән жасалган*; 2. *жерг.* шамшар; *жерден жик чыкты, эки кулагы тик чыкты, шәшпәрин бәйләнә чыкты, селдесин ороно чыкты* (таб. жүгөрү).

ШӘШТИ I *батк* дем, кубат, демөөр; *шәштиси кайтып жер каравасын.*

ШӘШТИ II *батк.* алты жаштагы эркек кой; *бизде койду шәштигә өткөрүп сойот.*

ШЕВЕР: шек–шевер *жерг.* шек – шыба; *эч кандай шек–шевер билинбейт.*

ШЕГЕ *лейл.* мык, чеге; *шегени тайарлап кой.*

ШЕГИЛИК *ош.* кайберендин этин ыйык деп эсептөө; *аркардын этин шегилик деп жешет.*

ШЕГИТ *түшт.* шыкырт; *шегитиңди көрөсүң деди.*

ШЕЙЕРДЕ *лейл.* ушул жерде; *шейерде жатасың да.*

ШЕЙИН I *лейл.* 1. таразанын табактары илинип, ортосундагы огу менен башка бөлүктөрүн туташтырып турган бөлүктүн аты; *таразанын шәйини тамдагы саманда;* 2. *ар.* моюнтуруктун эки жанындагы кыска жыгач.

ШЕЙИН II *пам.* катып калган нан, курут; *бу нан шейин болуп калыптыр.*

ШЕЙИТ *батк.* ушул жер; *шейиттерде жүр* (шейит шу йет).

ШЕКЕЛЕКТЕ *батк.* кыбыроо, сенделүү; *шекелектеп жүрвөй тез бассын.*

ШЕКЕР *лейл.* алсыроо; *таманы жок боз жорго шекерип туравы?*

ШЕКЕРЕП *кетм.* бозого кошулган ар кыл таттуу; *бозого шекереп кошуп ичээр эле.*

ШЕКЕРИ *тяньш.* гүлү сыя сымал, өзөгү ичке, жерге карай имерилип өскөн өсүмдүктүн аты; *Шамыраттын барында жаман атчы кайгырат* (лакап) *деп, шекериден жулуп алды.*

ШЕКЕРИНҮН *батк.* даамы таттуу алманын бир түрү; *шекеринүн алманын шириндиги укмуш.*

ШЕКИЛЕТ *түшт.* шекилдүү, өндүү; *мунумду баамдады шекилет.*

ШЕКИЛИК *суз.* шекилдүү; *бир окуйа болгон шекилик.*

ШЕКИТ *акт.* үрөй учуруу; коркутуу; *ал гана эмес, Ала-Буга да шекитет.*

ШЕКТЕ *жерг.* шексин; *шектеп калыптыр.*

ШЕМ *жжол.* кубат, күч, каар, дем; *кыштын шеми кайткандан кийин анын ызгаарын ким тоготот?*

ШЕНЕК *пам.* таноосу керилген, дердейген; *ол шенек базардап келгени кетиптир.*

ШЕНЕҢДЕ *батк.* кубанып ыржаландоо; *беш алып шеneңдеп келди* (кээде «шанаңда» деп да айтылат).

ШЕПШЕК *батк.* 1. тынымы жок, элеңдээк; *нары-вери жүгүргөн шепшек бедең?* 2. эпчил; *сен жүдө шепшек экенсиң.*

ШЕПШЕҢДЕ *батк.* тепеңде; кылжыңда; *шепшеңдеп эле жүрөт.*

ШЕР: гөр-шер *батк.* көр – жер; *гөр-шерлериңи жийнэп ал.*

ШЕРӘН *зам.* эрдемсинген адам; *өзүн шерән сезет.*

ШЕРИ *жжол.* шири; *бүткөн бойун шеридей тырыштырды.*

ШЕРДЕН *батк.* жылкынын ысылы – сууктан өпкөсү бузулуп, өрдү көздөй кыйылдап баса албай калган оорусу; *жылкы шерден болсо, айлыгыш ыкыйын.*

ШЕРДИЛ *жерг.* эр жүрөк, кайратман; *балам, шердил бол.*

ШЕРИК *жерг.* «гажары» сокконду анын жиптери алмашып кетпесин үчүн жип менен жыгачка байланган чыбык; **жол шерик** *зам.* жолдон кокус табылган нерседен жолдошко соогат берүүсү; **пайда шерик** бир ишти, сооданы тең ортоқ бөлүп алуу үчүн иштелген көмөктөштүк, пайданы тең бөлүп алуучулук; **тең шерик** *жерг., эск.* илгери кимдир бирөө экинчи бир адамдын унаасын, үрөнүн пайдаланып, жерин айдап, эгинин багып, түшүмүн жыйнап жарымын алууга акылуу болгондук (азыр мындай көрүнүш жок); **тукум шерик** *жерг., эск.* үрөндү бир адам чыгарып, жерди бирөө айдап, данды бирөө багып өстүрүп, оруп, бастырып, анан түшүмдү тең бөлүп алуусу (азыр мындай көрүнүш жок); **шерик сурамай** кыздар, балдар аралашып, экиден жуп болуп талаага, таза жерге отуруп, бирөөнү «сурамчы» деп бөлүп коюп, «сурамчы» өзүнө катардагылардан шерик сурап ойногон оюн (шеригин бербейм дегени буйрук боюнча ырдайт, комуз чертет же башка жаза тартат).

ШЕРИМӘ *жерг.* эркелетүү маанисинде колдонула турган сөз; *шеримә, келчи жаныма!*

ШЕРКЕТ *суз.* уюшма; *дән шеркети болоор эле.*

ШЕРНЕ *ал.* канттын майдасын кайнатып уютуп жасаган таттуу; *канттан шерне жасаса, эти тирик ко?*

ШЕРНЕКЕЧ *тторо.* шерине жешке атайын катышкан киши; *шернекечтер тондорун илип, баары кемзелчен болуп тегиз отурат.*

ШЕРПАЛВАН *өзг.* ийнеликке окшош канаттуу жандык; *шерпалван маша жейт* (бул саздуу жерлерде, көбүнчө, шалы талааларында болуп,

маша менен тамактанып, адамга пайда келтирет).

ШЕРТ *түшт.* чикит ойнунда болжонуп коюлган чек жер; *ойунда бир нече кадамды шерт кылып койот.*

ШЕТТЕ *батк.* ушул жерде; *шетте көрүшәйликпи, кыздар.*

ШЕШ *ош.* кетмендин бети; *кетмендин шешин тазала.*

ШЕШЕН *түшт.* 1. ак материалдын бетине, көбүнчө орто жерине кооздоп сайылган сайма; 2. ортосу гана сайма менен бүткөн килем; *тас калем, шешен килемдер зор килемден кичик келет.*

ШЭЭГИ *өзг.* шырдак тиге турган саймалуу жип; *шээги жип түр болот.*

ШЭЭТАЙ *ыск., эск.* илгери Синцзян тарапта колдонулган чиндин аты; *шээтайын да, заңгисин да билчү экен.*

ШИВЕ *батк.* 1. көрүстөн жай; *мурун шу жер шивенин жайы экен;* 2. *өтм.* өлүп кет, житип кет, жогол (каргоо маанисинде); *шивени көр!*

ШИВЕГЕ *атб.* мылтыктын жезиндеги пистонду чыгаруучу учтуу темир; *мистонду чыгарайын, шивегесин алып берчи.*

ШИВЕР I *жерг.* туяктуу айбандардын туягынын арасындагы эти эзилип ооруган оорунун аты; *аттын путу шивер болуптур.*

ШИВЕР II *жерг.* 1. сормо; *шивер баткак бут тартат;* 2. алды нымдуу чым жер; *шиверди казып, сойжылан алавыз;* **тартма шивер** асты былкылдак саз, аңы бар сормо; **ай көл шивер** үстүнөн көл сымал суу жылтылдал үзүлбөгөн саз; **тегерек шивер** астынан нымдашып суу чыгып шибер өскөн, тегерек саз; *Тегерек шиверге, жәйлоwто чыгытты;* **кең шивер** шиберлүү, түз кеткен жайык саз; *кең шивер Дәрәнин ичиде;* **узун шивер** эки суунун ортосунда узун тилкеси бар сормо жер; *олор Узун шиверде жәйләшәт;* **тywра шивер** боорго чыккан иштери бар сормо жер; *биз тywра шивердевиз*: **ойук шивер** орто жери адырсымал болуп үзгүлтүк келген сормо жер.

ШИВЕР III *өзг.* өңү каралжын келип узун, ичке жалпак сабак алып өскөн өсүмдүктүн аты; *шивер дейвиз, болбосо кара шивер дейвиз, өзү чөп болот.*

ШИВЭЭ I *чүй, эск.* илгери Чүйдүн чыгышынан батышына чейин тоо этектеп кеткен кара жолдун аты; *тиги Жылгын–Башы, Кододон берки жолду шивээ дешчү.*

ШИВЭЭ II *чүй.* капкан бекиткич казык; *арчадан шивээ жасап кош жаак капкан койот.*

ШИВӨW *батк.* тоонун кысык жеринен тосулуп коюлган тосмо; *шивөw жәйлөw жердеги жолдун тосмосу* (кай бирде «шивээ» деп да аталат).

ШИГЕ *өзг.* жарык, сынықты кадай турган нерсе; *шигеңди кагып, мурдуңу таштап кой* (чимкир).

ШИЙӘ *пам.* памирлик тажиктердин бир бөлүгү; *шийә тәжиктери Ишкәшим, Рош калаа, Рушан, Бартаң, Шугнан райондорунда турат.*

ШИЙДӘЛӘ *батк.* бутап суюлтуу; *теректи шийдәләп түш.*

ШИЙЕТТЕ *батк.* ушул жерде; *шийетте өрүктү дымдайт.*

ШИКӘЙӘТ *зам.* арыздангандык; *ол шикәйәт кыса, рәйис акыны ажыратып бериптир.*

ШИКӘМ *зам.* жыгач менен өйдө көтөрүлгөн жүзүмдүн сабагы; *шикәм кылавыз, шону менен бүтөт.*

ШИКӘНӘ *жерг.* табакка сүт, сорпо куюп, жука нан салып жей турган тамак; *нан орогон, шикәнә, ширингүрүч, шаламбет, каттама, курутов жасайвыз.*

ШИКӘР *жерг.* аң уулоо, мергенчилик; *шикәргә кетти.*

ШИКӘРХАНА *жерг.* аң уулоочу тосмо жер, жай; уукана; *шикәрханада иштеме көрүнбөдү.*

ШИКӘС *жерг., эск.* кордук, азап, мээнет; *шикәс тартқан киши илгери көп болор эде.*

ШИКИЛ *зам.* кылыр; *ол шикил иштен келди.*

ШИЛ *алб.* карып, тарамышы күдүрөйүп чыгып калгандык; *алтымыштагы көк чал экен.*

ШИЛӘК *пам.* ар кыл утуш ойнунда аябай чарчагандык же көп жолу утулуп тыйынсыз калгандык; *ашыкты жакшы ата албасаң, шиләк болосуң.*

ШИЛДИР: шилдир шимек *батк., сейр.* аты жок (манжа); *ортон терек, шилдир шимек.*

ШИЛЕ *ыск.* 1. сок, маңыз; *жемиш шилесине куванат*; 2. илеп; *кара суунун шилеси каткан чөлгө сөл берет.*

ШИЛЕКЕЙ: уй шилекей *акт., эск.* сүзүлгөн бозонун илешкээк, коюураак болуп чыккандагысы; *уй шилекей босом бар, унут болвос довом бар*; **төө шилекей** бозосу анча илешкээк болбой, кыйгыл чыккандагысы.

ШИЛЕМЕЙ *батк.* былжыр; *шилемей – шилемей да, шилви шыйрак бовосо, билер ону.*

ШИЛЕМЕЙЛИК *батк.* малдын мурдунан чыгуучу сары суюктук; *сыйырды сойсо шилемейлиги көп чыкты.*

ШИЛЕМИ *жерг.* сорпо – шилең; *шилекей алышмай болсун шилеми берсең.*

ШИЛЕН I *жерг.* сорпо, эт; *казаныда шилен кайнап жатат.*

ШИЛЕН II *жерг.* береке, молчулук; *шилен дегенди айтсаң бир жыргал.*

ШИЛЕНДИ *пам.* имерилген нерсе; *ону кайырсаң, шиленди болор.*

ШИЛЕНКАНА *жжол.* далдалчылык акы; *эми шиленканага канча бересиз?* (кээде «ширенкана» деп да айтылат).

ШИЛЕТ *түшт.* күч – аракет, энергия; *бир пилиги жок чырак жарывайт, бир шилети жок жигит жарывайт.*

ШИЛЕМИР *өзг.* от кычкач; *Гүлсүн, шилемирди алып от ичкерт.*

ШИЛӘӘ *ыск.* сорпо – шилен; *ысык сорпо шилээге да күтпөдүң.*

ШИЛӘӘН I *жерг.* март, колу ачык; *шилээн болсоң, кескен айал шилвини берип жүгөр* (шилбинин бул түрү майда түз – түз, топ – топ болуп чыгып, жазында жашыл жалбырак алып, майда ак гүлдөп өсөт).

ШИЛӘӘН II *чүй.* даамдуу; *айылдын тамагы көп эле шилээн болот.*

ШИЛИ *жерг.* аттын бутундагы жоон тарамыш; *аттын шилисидеги байбелчекти муз кесиптир.*

ШИЛИМ *жерг.* шимүүр сымал өсүмдүктүн аты; *шилимден кегенде дәйим көзүңдү шорголотуп келесиң да.*

ШИЛЛӘ *лейл.* бошоң; *шиллә болсоң аркар шилиден кур каласың.*

ШИЛӨӨКЕР *түшт., эск.* дарбазачы; *илгери шилөөкер болчу дешет, энди ондой жок.*

ШИЛТЕ I *жерг.* суу көп жатып, күчү кетип калган жер; *шилте жердин даны жакшы бовойт.*

ШИЛТЕ II *ыск.* жүгумсуз, маңызсыз ой, пикир, чыгарма ж.б. нерселер; *жазганы кызык өңдөнгөнү менен чынында көк шилте.*

ШИЛТЕ III *жжол.* чобур болуп жүрбөй калган ат; *өзү көк шилте болсо, байгеге кантип чавылат?*

ШИЛТЕЛҮҮ *ыск.* даамдуу; *шилтелүү тамак болуптур.*

ШИЛТЕМЕ *тяньш.* таарга түшүрүлө турган оймо – чиймелердин

бир түрү; *шилтеме ойуу сайасың, күйгүзүп көздү карайсың.*

ШИЛТОРГОН *жерг.* шыбак сымал келген өсүмдүктүн аты; *биздин жерде шилторгон өсөт.*

ШИМГҮWҮЧ *жерг.* шимүүр чөп; *ирәс әйтәт, шимгүwүчтү сорво, бойнувузга алавыз.*

ШИМЕ *чүй.* дунган эли жасай турган тамактын бир түрү; *шименин камыры солкулдак жуурулуп ийленет* (камырды ийлеп, зубала кылып бөлүп, аны өсүмдүк майы менен майлап, анан бир азга жаап коюп, андан кийин чоюп сууга салып бышырат. Кийин дароо муздак сууга салып чайкап алат да, анан үстүнө кызаргыча куурулган эт, пияз, түрп, таттуу калемпири бар сорпо куюлат. Майда тууралган чеснок, да кошулат).

ШИМЕК I *кетм.* жүгөрүнүн жаш кездеги өзөгү; *жүгөрүнүн шимегин ыргыта бервечи?*

ШИМЕК II *жжол.* ширин келген ширеси бар өсүмдүктүн аты; *шимектин сүwүн бир сорсоң болот да.*

ШИМЕК III: ойун шимек *батк.* оюу чиймек (аты жок); *дүк ойун, момук ойун ойнойвуз, сака ойун, ойун шимек деген дә бар.*

ШИМЕКТЕ *батк.* шишимик тартуу; *эки көзү шимектеп каптыр.*

ШИМЕЛ *чүй.* чымындан кичине келип, учуп жүрө турган майда, канаты бар түрү; *шимел кирип кетти көзүмө.*

ШИМЕНДЕ *батк.* шүмүрөндөп, эки жакты алактап, көз ойнотуп карай берүү; *ай, балам, бир саат шимеңдевей отурчу.*

ШИМИ *өзг.* шимип соро турган нерсе; *базарда шими болот бекен?*

ШИМИГИЧ *зам.* 1. түбүнөн томолок байлап, бирок абдан өсүп кетсе, тикенектүү болуп кете турган өсүмдүктүн аты; *жүргүлө, шимигич көwләп жейвиз*; 2. *батк.* шимүүр; *көк шимигич деген шо.*

ШИМИ *кочк.* сөөктүн шимий турган жумшак башы; *бу шимикти сорсо, ач адам тойунат ко.*

ШИМИКЧИ *ыск.* кандайдыр бир нерседен таттуу затты шимип соргуч; *шимикчи аарыларды кара.*

ШИМИРГИЧ *батк.* шимүүр; *Зардалыга барсаң, шимиргич көп.*

ШИМӨӨР *тторо.* көк же сары гүл алып, ал гүлдүн түбүн соруурга мүмкүн болгон өсүмдүк; *шимөөрдүн сарысы ысык жерде, жакада өсөт.*

ШИМҮWҮК *жжол.* шимүүр; *шимүwүк Таш – Төвөдө өсөт.*

ШИМҮWҮР *жжол.* жыттуу келип, сары гүл ачып, таштак жерде өсүп, жылан чакканда сууга малып, уусун тарттырып ала турган өсүмдүк; *шимүwүрдү ywга басса, тартып алат.*

ШИМҮРҮК *өзг.* шимүүр; *шимүрүктү сорсоңуз шире чыгат.*

ШИМШҮР: шимшүүр байан *атб.* жалпы эле аң улоого ылайык келүүчү айбандар; *шимшүүр байандын жолуна ууга чыгар алдында тамактанар кезде айтыла турган сөз* (азыр бул көрүнүш эскирген).

ШИНӘС *жерг.* тааныш; *шо маңа жүдә жакын шинәс эде.*

ШИНЕК I *батк.* коргондун дубалынан мылтык атуу үчүн кыйгач оюлган тешик (мындай тешиктер Зардалы, Кән, Куштут деген жердеги эски коргондордо бар. Алардын кээ бири таманына, жан – жанына, үстүнө таш коюп, көңдөйлөнсө, кээ бири көңдөй жумуру сүйрү нерсе коюлуп көңдөйлөнгөн).

ШИНЕК II *өзг.* эки – үч үй ортоктошуп бир малды союп, этин бөлүп алуу; *шинекти баштайлык, Алымкул.*

ШИНКӘӘ *батк.* кийимдин чабуусу, өңүр – тилкеси; *шинкәә кылып пычат.*

ШИННЕ I *лейл.* тыттын ширесине сабизди майда туурап кошуп жасаган варенье; *гэп богондо шинне койовуз.*

ШИННЕ II *лейл.* шерне; *шиннеде ар кимиси мал сойоттор.*

ШИНЧӘЙИ *лейл.* ушунчалык; *шинчәйи хыйрәйи вар, ах болвогур.*

ШИҢ *пам.* жаян балыктын бир түрү; *деңиздеп шиң кармайт.*

ШИҢГИЛ I *түшт.* жүзүмдүн мөмөлүү бутагы; *беш – алты шиңгил жүзүмдү көргөндө чочуп кетти.*

ШИҢГИЛ II *ыск.* жаак эти качып, шимирилип көрүнгөндүк; *шиңгил жаактанган ким?*

ШИҢГИЛ III *батк.* жалбыректары кайчы орун алып, анын боорунан да кайчыланып тарам бүчүр чыгып, жерге жайылып жабышып өскөн өсүмдүктүн аты; *шиңгилди мал да, адам да жейт* (тамакка кошуп туурайт).

ШИҢГИЛ IV *батк.* суюк нерсе куюлуучу кабак идиш; *шиңгил кавакка суw куйат.*

ШИҢГИЛДЕ *ноок.* топ болуп баш алуу, өсүү; *жүгөрүнүн башы шиңгилдейт.*

ШИПӘК *суз., зам.* тапочка; *баласына шипек сатып келди.*

ШИПТИ *суз.* узун көйнөктүн ачык жакасы (кээде «шипти жака» дейт).

ШИПТИРГЕ *акт.* 1. кулпу сала турган илмек темир; 2. чагарак; *шиптирге када, эшикти бекители.*

ШИПТИРГЕЛЕ *тяньш.* эшикке «шиптирге» кадоо; *мен үйүмдү шиптиргеледим.*

ШИР *жерг.* сүт; *шир чәй ичип отурат.*

ШИРӘ *жерг.* дандын сүтмөк тарткан учуру; *буwдай ширә дүмбүл болду.*

ШИРӘВӘР *батк.* мөмө – жемиш, түркүн таттуу; *дасторкон толгон ширәвәр койду.*

ШИРӘВЛӘ *ал.* аз сууга көбүрөөк сүт кошуп кайнатып ичкен тамак; *ширәвлә ичеливи?*

ШИРБАШ *ноок.* сүт эм; *ширбаш козусуну сойуп берди.*

ШИРБИРИНЖ *жерг.* сүткө жасалган күрүч тамак; *ширбиринж жасады.*

ШИРВАЗ *суз.* баглан козу, семиз козу; *ширваз козудан сойуп жесең, жүдэ жакшы.*

ШИРГӘРИМ *жерг.* жылымык; *суw ширгәрим боплупу?*

ШЫПЫРМА II *чатк., жжол.* көрпө териден тегерек кылып жасалган тебетей; *илгерки жылкычылар баштарына шыпырма кийишчү эле.*

ШЫПЫРМА III *жерг.* күрөшкөндө жакадан кармап, өтө тездик менен далыга салып – салбай көтөрүп чабуу ыгы; *Сәләхадин үчөwдү шыпырма менен жыгытты.*

ШЫПЫРМА IV *түшт.* тамекинин төртүнчү үзүмү; *шыпырмасын тизбей эле койгула.*

ШЫПЫРЫК *батк.* шыпыргыч; *шыпырык үйдө колдонулат.*

ШЫПЫРЫЛМА *түнд.* жалган айтып каргана берген калпычы; *ал шыпырылма түк түшүнбөйт ошого.*

ШЫПЫРЫШ *тал.* шыпыргы; *шыпырыш кайда, аа, Айсалкын?*

ШЫРАВА *жерг.* шылдар суюк; *илгери ачарчылыкта шырава кылып ишчү эдек.*

ШЫРАГАН *түшт.* таттуу, даамдуу; *алмалуу булак шыраган, досум.*

ШЫРАКТА *ар.* эч нерсени камырабай жыргап ойноо; *шыр–шыр аккан булагым, шырактап ойноор увагым.*

ШЫРАЛГАЧЫ *атб.* шыралга сураган; *сендей шыралгачыны көп көргөм.*

ШЫРАҢ *атк.* бийик тоо; *шыраңдан түшүп келген карышкыр жутуп алат.*

ШЫРВАЗ *лейл.* 1. семиз козу (үч – төрт айлык); *күйөwү жокто шырваз бере веде?* 2. *пам.* жаш малдын жалпы эле даамдуу эти; *жазда пышкан кезде сойовуз, эти шырваз болор.*

ШЫРВАН *ноок.* бир ууч «нокот» жанчып, бир чымчым «анис» кошуп өпкө кайнатып, коюу илээшкек болгондо ачыткы, ун кошуп жууруп, он – он эки сааттан кийин аны жылуу сууга эзип, ага туз, май, кант, жумуртка, зире, сейдана аралаштырылып, дандырга жаап бышырылган жыттуу нандын аты; *шырвандын бетиге әйрән шывайт* («шырман» болуп да айтылат).

ШЫРВЫЙ *суз.* суу болуп чапташуу, жабышуу; *шымдын багалеги ийри такымга шырвыйып жавышып калды.*

ШЫРГА *ыск.* ичине чөп салынган түлкү тулуп (аны бүркүт салганда бөпөлөп үндөккө чакыруу үчүн колдонот); *шырга сүйрөтүп, үндөк кылып.*

ШЫРГАКТАТ *кочк.* куюлтуу, төгүп сүйлөө; *шыдыргактатып келип бир төгүп жазасыз.*

ШЫРГАЛАҢ *жерг.* эшилме; *утургу towgo шыргалаң.*

ШЫРГООЛ *чүй.* үйдүн үстүнкү кыр жээгине коюлган тал; *шыргоолду тегис жаткыр.*

ШЫРГЫ *батк., ар.* 1. шыпырылып түшүү, куюлуп кетүү, урулуп учуп түшүү; *мойнуга бир койсо, шыргып кетти;* 2. кыйсыпыр болуу, кырылуу; *урушкаак адам менен жүрвө, ону карап онун урушканыга күлвө, бовосо саңа шыргып жow болот*; 3. чарчап мүргүү, чарчап уйкуга берилүү; *бүгүн көп иш кылдым эде, энди шыргый баштадым.*

ШЫРГЫРАК I *ноок.* алабатанын бир түрү; *секетим, шыргыракты билвесең койойун.*

ШЫРГЫРАК II *түшт.* ак куунун бир түрү; *шыргырак да ак куунун сулуусу.*

ШЫРГЫТ *батк.* кыйратуу, кыйратып кыюу, кесүү; *алманын бәәрин шыргытыпсыңар дә?*

ШЫРГЫТТА *ыск.* шырк этип үн чыгаруу; *шалваада чили шыргыттайт.*

ШЫРДАК I *ал., жерг.* этек жагы кыйгач келип, тегереги саймаланып, ак кийизден жасалган тердик; *атка шырдак тикти.*

ШЫРДАК II *суз.* шырымал; *жонунан шырдак түшпөптүр илгери.*

ШЫРДАКЧЫ *ал., жерг.* тердикти кооздоп жасаган уз; *шырдакчы келип ол, эчки келинге* (оюндун аты) *барвайт.*

ШЫРДАМА *жерг.* жерге салуу үчүн шырылып, жөрмөлүп оюлуп жасалган буюм; *жерге көлдөлөң, бостек, болбосо шырдама салып койовуз.*

ШЫРДАМАЛ *чүй.* 1. шырдак; *ак боз атка шырдамал артынып келди;* 2. *жерг.* жерге салуу үчүн шырып жасалган таар; *шырдамал шырыдым* (жалаң кат таарга эски – уску нерсени каттап, ортосуна кебез – себез, жүн – пүн салат); **шырдамалдын үйү** *өзг.* шырдактын ар бир эки оюмунун катар көчөттөлүшү; *бир шырдамалга он эки – он төрт үй кетти.*

ШЫРДАН *зам.* алыс, бийик; *шырт этти, шырданга жетти* (таб. мылтык).

ШЫРДАНКАК *батк.* жаргак; *шырданкактан пөстөк бовойт.*

ШЫРК *жжол.* темир нерседен чыккан үн; *темир капкак шырк деп ачылды.*

ШЫРКАР *алб., терг.* эшек; *шыркар тuwуп, айым тuwуп.*

ШЫРКЫРА *батк.* бошоп шалдыроо; *бүүндарым шыркырап калды.*

ШЫРКЫРАТМА *тторо., эск.* мурунку учурда бозодон жоро ичкен кезде «дем албаска» удаалай эле эки литр өлчөмүндө берилген кымыз, бозо; *шыркыратманы бир сыйра кыдыртып ийчү.*

ШЫРЛАК *пам.* тердик; *шырлак кылам деп, вада кылар бекенсиң.*

ШЫРМА *чүй.* 1. чыптама; *шырма кийсең кош анарың томпойот;* 2. шырмал токум, чапан; 3. *батк.* шырып туруп, жерге салып коюучу орунчу; *шырманы түзүктөп салып бер, отурсун.*

ШЫРМАЙЫ *батк.* жергиликтүү балыктын маринка түрү; *Шаймардандын сүүдан шырмайы кармап келер эде.*

ШЫРМАК I *чүй.* чүрүшкөн кичине; *шырмактай короолуну тиштеп келген тура.*

ШЫРМАК II *чүй.* сыр билип жакындагандык, санаалаштык; *канчалык шырмак болсом деле болбоду.*

ШЫРМАЛ *ал.* кийизден оюлуп жасалган оймо; *ахыры азыр эйттим го, шырмалды не кылсаң өзүң билесиң деп.*

ШЫРМАН *батк.* акча, каражат; *шырман берип турар эде.*

ШЫРП *ош.* ширенке: *шырпың барбы, тамеки күйгүзөйүн.*

ШЫРУУ *жерг.* очок жапкыч; *шыруу суу боп каптыр.*

ШЫРЫ *чүй.* бир нерсенин жүгүн, түбүн эчтеке калтырбай тазалоо; *шырып жалайбы, же кайпыта жалайбы.*

ШЫРЫК *ал.* шырдак; *онусун шырык дээр экен, муногуну оймотеке дээр экен.*

ШЫРЫМАЛ *өзг.* шырдак; *төрүнө шырымал салыптыр.*

ШЫТЫ *чүй.* тосмо: *шытыдан да чыгып кетти.*

ШЫТЫР *жерг.* төө; *шытырга жүк жүктөр эде.*

ШЫТЫРТТА *ыск.* шытырт – шытырт эттирип үн чыгаруу; *күмбөздүн төвөсүндө шытырттап бир нерсе жүргөнсүдү.*

ШЫЧА *жерг.* ушунча; *кавагыны шыча салат ки, кой да кетсин.*

– Ы –

ЫВАН *пам.* үн, добуш; *кел, Сәйдилдә, әйләнчелек ойнойлу десек, ываны жокпу, унчукпады.*

ЫВЫГАЛ *чүй, эск.* Кокон хандыгынын учурунда кыргыздарга келип, «үшүр» жана «түндүк салык» жыйнаган адам; *ывыгалдар келип зекет жыйнаган.*

ЫВЫК *чүй.* кеч күздө нымдуу жерлердеги шак чөптөрдүн уюлгуп калгандагы көрүнүшү; *токойдогу бетегелер ывык тартып, жер бетин бервей жайнап жатыптыр.*

ЫВЫРА *өзг.* чыбыранын баласы; *бу дүйнөдө ывырасын көргөн адам аз болот ко.*

ЫВЫРСЫК *зам., батк.* таштанды, көр – жер; *ывырсыктарды өрттөп таштады.*

ЫГВА *зам.* ушак; *ыгва кылбаса, күнү өтпөйт бекен онун?*

ЫГОЖО *чүй, кочк.* 1. түйшүк, санаа; *тынчын алган ыгожо уйку бербеди;* 2. туталак; *жини келип, ыгожо болду.*

ЫГЫ I батк. эптеп бир жөнгө салгандык; ыгы кылып кошулуп отур.

ЫГЫ II: ыгы – сыгы *лейл.* жол – жобо; *өлүк – өлсө, ыгы – сыгы кылат эделер илгери.*

ЫГЫ III *атб., ыск.* 1. ыктоо; *койлор түпкүчтөй имерилип, жапсарда ыгыйт;* 2. *тторо.* жапырылуу; *калтарды куйругунан кармаса, жүнү мурдун көздөй ыгыйт, мурдунан кармаса, куйругун көздөй ыгыйт.*

ЫГЫЛ *тоң.* бүрүшүп далдалануу; *борчуктун түвүндө ыгылып калды.*

ЫДЫ *пам.* кичине; *кулжанын эңкеси ыды болбос?*

ЫДЫР I: ыдыр – быдыр *ноок.* бүдүр – сүдүр; *тактанын ыдыр – быдырын сыйкалап кой;* 2. одур – бодур; *ыдыр – быдыр сайда өскөн.*

ЫДЫР II *өзг.* сүрдүктүрө шилөө, жайпоо; *тээ баш жагынан ыдырып түштү.*

ЫДЫШ I *тоң.* түйшүк; *ыдыш көргөн адам чыйрак болот.*

ЫДЫШ II *батк.* ык, байыр; *ыдыш алып калды.*

ЫЗ: ыз – быз *жерг.* «сиз – биз» деп калп эле кошомат сүйлөгөндүк; *миң ыз – бызыңдан, бир жызы – бызың* (мак.).

ЫЗАРАТ *суз.* зиярат; *ызарат кылып, сыйынган экен илгери вакта.*

ЫЗАТТӘЛӘП *зам.* ызаланып калып, анан бирөө көңүлдү көтөрөр бекен деп умүттөнгөн киши; *ол ызаттәләп болуп үйүдө отурат.*

ЫЗГЫ I *лейл.* 1. жайноо; *көптүгүнү карай ызгыйт;* 2. *батк.* чачылуу; *жүндөр ызгып жатат, терип ал, балам.*

ЫЗГЫ II *түшт.* катуу уктап калуу; *көкбашылар айавай чарчап, ушул кезде ызгып кетишкендир.*

ЫЗГЫРЫК I *батк.* көз сүзгөндүк, жазгыргандык; *кызыңардын өзүдөн ызгырык богон дә, энди патаңарды бергиле.*

ЫЗГЫРЫК II *батк.* жумшак, мелүүн жел; *ызгырык дейт, шәпәдә дейт.*

ЫЗГЫРЫМ *алб.* сыдырым; *ызгырым соккон шамалдай.*

ЫЗГЫРЫН *алб., жерг.* ызырын; *сен көп ызгырына берве; көп ызгырынба башыма мага ачуулана бербе.*

ЫЗГЫТ I *тоң.* рамканын айнек киргизилип кадала турган жери; *терезенин ызгыты чак болсун.*

ЫЗГЫТ II *батк.* тук этүү; *көз ызгытып ал.*

ЫЗЫ *ноок.* тынбай ары – бери ызылдап жүрүү; *мәшинәләр азыр ызып атат.*

ЫЗЫБАЙРАН *өзг.* ызы – чуу; *балдар ызыбайран болушту.*

ЫЗЫВЫЗ *жерг.* 1. чуру – чуу, тополоң; *олор ызывыз болуп отураттар*; 2. *өтм.* көп болуп жайнагандык; *ызывыз адамдардын ичиден сен көкүрөгүңө жат кылып алганбысың?* («ызымыз» болуп да айтылат).

ЫЗЫҢ *ыск.* ызылдап учкандык, ызылдагандык; *мейли эле ал ошентип ызың какса.*

ЫЗЫРЫК *өзг.* бир калыпта жүргөн мелүүн шамал; *мына шу секин жүргөн ызырык шамал.*

ЫЗЫТКЫ I *батк.* таштанды, акыр – чикир; *ызыткыны алыс тәштә.*

ЫЗЫТКЫ II *батк.* 1. чакчелекей, будуң – чаң; *бәәри жогуну ызыткы кып тәштәптир;* 2. *пам.* ыпыр – сыпыр, көп нерсе; *бу ызыткыларды эшикке чыгар.*

ЫЙВАК *ыск.* иймен, тартын; *кайра такып суроодон ыйвактым.*

ЫЙВАРЫҢКЫ *чүй.* элпек; *ыйварыңкы башын ийкеди.*

ЫЙВОW *ноок.* күсөө; *ыйвow тәвити козголду.*

ЫЙВЫТ *чүй.* жөн, ык, амал; *ага жетүүнүн ыйвытын тапкандар да бар экен.*

ЫЙКАЛА *батк.* ыкша, копшо; *жуваздын огун мойнуга салып ыйкалап йакканадан чыгарат.*

ЫЙКОО: ыйкоо – шыйкоо *жетг.* шылтоо; *ал биз менен барса, ыйкоо – шыйкоо көп болот.*

ЫЙКЫ: ыйкы – чыйкы *чүй.* кандайдыр бир жыгач буюмдардын бекиткен жерлеринин бошоп калгандыгы; *а жерге жатпачы, ыйкы – чыйкы болуп калган.*

ЫЙКЫТ *пам.* жөндөм; *шондой ыйкыты бар адамдар болот.*

ЫЙЛААК *жетг.* коён томук өсүмдүгүнүн гүлдөгөндөгү ак бубак болгон башы; *ыйлаакты жанчып, дары кылып, кой курттаганда салса, эм болот.*

ЫЙЛАЛАК *түп.* ыйлаак; *ой, ыйлалак десе, ал эмнең?*

ЫЙЛАЛАКТА *түп.* ыйлакта; *Малик ыйлалактап жатат.*

ЫЙЫ *чүй.* бир нерсени өтө эле ыйык көрүү; *ыйывай эле койвойсуңбу, бута?*

ЫЙЫК I *ал.* жылкынын колу кетип ооруган оорусу; *о жылкы ыйык болуптур.*

ЫЙЫК II *пам.* жанбоо, тарабоо; *бөw чакса, әдәм ыйыкпай өлөт.*

ЫЙЫЛДАТ *алб.* ый – чый чыгаруу; *өсүң да балазыңбы, ыйылдатып отурсуңбу деди.*

ЫК I *жжол.* дароо, шарт эле; *берер кашыга дегенде жаны ык чыкты.*

ЫК II: ык эт *ноок.* жыгылганда «иңк» дей түшүү; *чалкайдан түшпө ык этип.*

ЫКВАЛ *жерг.* бакыт, таалай; *ак кайың чыгат жаналша, ыквалыма жараша.*

ЫКВАЛДУW *жерг.* бактылуу; *ой, ыквалдуw эрлердин боло көз болсун алганы.*

ЫКЛАСМАН *ал.* ыклас койгондук; *ого болгон ыкласмандыгы жыл өткөн сайын азайвады.*

ЫКЛЫМ *зам.* климат; *быйыл ыклым жаандуw болду.*

ЫКМАК *түп.* катар, ык, жан; *адамдан оолактап ыкмагына жоловой турат.*

ЫКМАЛ *тал.* ыктымал; *ал сага барышы ыкмал.*

ЫКМАЛА *тоң.* ынтымак, эп; *көпчүлүк менен бирме – бир ыкмалада күн өткөрүшөт.*

ЫКМАН *тал.* талдын бир түрү; *сары тал, эчки тал, самбы тал, ыкман тал болот, ыкман жумшак келет.*

ЫКРАЖ *түшт.* адамды кустуруу

үчүн колдонула турган өсүмдүктүн аты; *ыкраж өсөвү о жерге?*

ЫКРАЛ *батк.* макул болгондук, көнгөндүк, ыраазылык; *сүйлөшүп көрдүм, ыкрал богондой боп калды.*

ЫКРАР *жжол.* моюн сунгандык; *ыкрар кылбай басып жүрөт* («ыкрал» болуп да айтылат).

ЫКТА *тал.* берилгендик; *жан ыктам менен өпкүлөдүм.*

ЫКТЫДА *жерг.* моюнга алынган милдет; *ыктыда кылып, парзыны жүктөйт.*

ЫКТЫЙАТ *чатк., зам.* этият; *экинчи үйдө отурулар, ыктыйат кылгыла.*

ЫКТЫН *чүй.* эгинди кызылдаганда чыгуучу учкуну; *буудай–арпа тасалаганда чары, ыктыны чыгат.*

ЫКШЫН *ташк.* талмооруу; *башы ооруп калыптыр, ыкшынып жатып араң турду.*

ЫКЧЫМ *түшт.* эти тирүү, бышык; *сесгек, ыкчым, нары шамдагай.*

ЫКЧЫН *ыск.* ычкынуу; *таш капканга түшөт деп ыкчынбай отура берди.*

ЫКШЫ *жерг.* ышкы; *ырдаймын ыкшым бар үчүн.*

ЫКЫВА *тыньш.* ык, жөн, жай; *ыкывасын таппай, баспай жатат.*

ЫКЫЙ: ыкый–чыкый *ыск.* болор – болбос, ыпыр – сыпыр, ана – мына, тиги – бу; *ай, ыкый–чыкыйыңды мен эмне кылам, болчу, жөнөйлү.*

ЫКЫЙ *батк.* көшөр, таарын, кенебе; *ыкыйып отурвай, барып келе койчу.*

ЫКЫЙА *жерг.* ийри; *ыкыйа, ыкыйа белиде күмүш такыйа* (таб. супар).

ЫКЫЙЛА *түп.* кыста, аргасыз абалга келтир; *аа, аны бир топ ыкыйлаган го.*

ЫКЫЛ *түп.* лык – лык; *жүрөгү ыкыл кагып тыкылдайт.*

ЫКЫЛАС *батк.* үмүт; *эчкини эже дейм деп* (алыс эле бирөөнү жакынсыткандык) *ыкылас кылат.*

ЫКЫЛЫК *батк.* ык туткандык; *ыкылыгын калсын деп чочутат, коркутат.*

ЫКЫМ I *ыск.* ык; *ыкым өкөвүз сууга бардык, ыкым сууда калды, мен мында келдим* (ык тутканда айтылуучу сөздөн).

ЫКЫМ II *түшт.* бир нерсени иштөөнүн, жасоонун технологиясы; *нарындын жасалыш ыкымынын билевисиз?*

ЫКЫМДУУ *тторо.* айлануу; *ыкымдуулары эви келгенде баланы ала кетели дешет.*

ЫКЫРАТ *атб.* каяша, акаарат; *ыкырат кылвай өс.*

ЫКЫС *батк.* док, доомат; *ownтаз ыкыс кылат ой!*

ЫЛ *ыск.* ныл; *ылдап койгон ыл бейит.*

ЫЛА *пам.* аркарлар токтоп, тыныга турган жай, орун; *аркарлар таң жүрө ыла жерде болот.*

ЫЛАА I *атб.* чүкө ойнунун бир түрү; *ылаа ойноп жадабаптыр.*

ЫЛАА II *ноок.* адеп, тартип; *ылаасын билбей кайда өскөн?*

ЫЛААЖЫН *жжол.* оңтойлуу жер; *ылаажында турса кылактап.*

ЫЛААЗЫ *жетг.* калемпир; *ылаазыңар болсо, берип турсун дейт.*

ЫЛААН *пам.* тоонун чокусундагы кардын этек жагы; *кийиктер ылаанда жатат.*

ЫЛААН *пам.* бийик чокулардын үлбүлдөп көрүнгөн жери; *о ылаандан бери карачы, кийик жүрөвү?*

ЫЛААТ: ылаат–жылаат *тал.* ураат – жураат; *ылаат–жылаатка кабар кетти.*

ЫЛАЗЫМДЫК *зам.* ыштандык; *ылазымдык чыт алдым.*

ЫЛАЙ *лейл.* малды ээрчип кетүү; *жусак башка малга ылайып кеттиви?*

ЫЛАЙГЕРЧИЛИК *батк.* ылайчылык; *әгәр зийректерден бошуту тилесең йүзүңдү калктын күзгүсүдө көр, ылайгерчилик кылып жүрө берве.*

ЫЛАЙДА *батк.* шалы айдала турган жерге суу түнөтүп, эртеси күрүч айдарда сууну ылайлоо; *сувду ылайлап туруп шалыны чачат.*

ЫЛАЙКА *лейл., батк., өзг., ал.* 1. ылайлуу, киргил; *балдар ылайка сувга киринбесин;* 2. баткак, чопо; *ылайка жер экен да.*

ЫЛАЙКАНА *алб.* 1. ылайлуу, баткактуу жер; *мейрап көп чыгып, ылайкана болуптур;* 2. *батк.* ылай даярдалган жер; *ылайканадагы кәттә кетменди апкеп, жувуп тазалап кой.*

ЫЛАЙКӘШ *батк., жерг.* ылайчы; *ылайкәш шол.*

ЫЛАЙКЕРЧИЛИК *ташк.* жаан – чачын арбып, ылайдын көп болуп калган маалы; *суукка карабай, баткакка жана ылайкерчиликке карабай.*

ЫЛАЙКОР *батк., зам.* өңү боз, өзү кичине, буту кара келип, камыштуу сууда жашаган жапайы өрдөк сымал келген канаттуунун аты; *ылайкор сувда жәшәйт* (кээ бирөөлөр «ылайкорок, ылайкорек, лайгорок» деп да айтышат).

ЫЛАЙМАЧ *батк.* шалынын аянтына ылайлаган суу коюп, анан топурагын козгоп, үрөн себүү жолу; *шалыны ылаймач кылып экпесе, от көп чыгат* («ылаймач» кылуунун бир топ пайдасы бар: биринчиден, отоо чөптөрдүн уругу ылайдын астына түшүп чирип азаят; экинчиден, айдалган жердин астындагы тешик – түшүк, көзөнөк, жылчык, жарык болсо бүтөлүп бекилип, аз гана суу менен «пал» толуп тура берет; үчүнчүдөн, эгилген урукту «ылайка» басып калат да, чымчык жей албайт жана шамал болгон учурда шалылар жулунуп кетпейт).

ЫЛАЙЫМДА *чүй.* ылайым эле; *ылайымда жакшылык көр дейт да.*

ЫЛАК *лейл.* 1. ээрчүү (малга, карата); *токтуңар ылагып кетип калгандыр;* 2. ишке кирүү, орношуу; *балаң ишке ылактывы?*

ЫЛАЛА *пам.* токтоп, баш калкалоо; дем алуу; *таң жүрө аркарлар ылалаган жерге жеттик.*

ЫЛАМА *өзб.* майда тууралган этке азыраак чык кошуп жасалган камыр тамак; *ылама лагмандай эле болот.*

ЫЛАҢ *пам.* дыр койгондук; *ылаң дей түшүп, аркасыдан калгандары качты.*

ЫЛАҢЖАН *батк.* көп ооруп чабал тарткан; *ылаңжан боп калдым.*

ЫЛАҢКЫ *чүй.* кежир, азап – тозок; *ылаңкысы көп адам экен, ушундай да болову.*

ЫЛАТА *өзг.* жумуру жыгач; *ылатаны камыш үйлөргө салышчу.*

ЫЛВЫЙ *ал.* сенделүү; *онуң нары–бери ылвыйып басып жүрөт да.*

ЫЛВЫР: ылвыр–сылвыр *түп.* бүйрө, чыйрак; *ал уулуңар бир топ эде ылвыр–сылвыр, жемин бирөөгө жедирвейт.*

ЫЛВЫРАЙ *жерг.* кийизге салуу үчүн өзүнчө жасалган жука, көбүрөөк түр кийиз, көчөт (кээде «оймо ылвырай» деп аталат. Анын «ылвыра кәштә, ылвыра көчөт» деген түрлөрү болуп, аны ала кийиздин бетине басат).

ЫЛВЫТ *чүй.* жибитип эзилт; *бүткөн бойду ылвыткан.*

ЫЛГА *батк.* бычуу; *козуну ылгап кой.*

ЫЛГАМАЛ *батк.* бычмал; *ылгамал атын минип кайып кеткенби?*

ЫЛГАМА *жерг.* тандалма, иргелме; *алтымыш үйлүw адамдын ылгамасы туйгунум.*

ЫЛГАП *чүй, эск.* илгери Кокон хандыгынын учурунда бек, топ иштерин тейлеп текшерип көз салып кетүү үчүн келген адам; *Кокон хандыгынан ылгап келчү экен.*

ЫЛГЫК *жерг.* жылуу; *ол ылгык owрута дары.*

ЫЛГЫРЖАҢ *батк.* арсар; *ылгыржаң бовой кете вер* («ыргылжаң» болуп да айтылат).

ЫЛДЫЙЛАШ *жжол.* ылдыйтан; ылдыйлаштан келди.

ЫЛДЫЙМА *жетг.* эңкейиш; *мындай жерди ылдыйма жер деп койовуз.*

ЫЛДЫЙЫМЫШ *батк.* тигирээк ылдый; *мана шол жер ылдыйымыш экен.*

ЫЛДЫР: ылдыр–дылдыр *ыск.* араң жан, арабөк; *ылдыр–дылдыр иштеп жүрөт девесин.*

ЫЛЖАЙМАТ *түп.* ылжайып күлө берме адаты бар; *ылжайган ылжаймат экен, бир байкуш.*

ЫЛКАК *өзг., лейл., батк.* кол бошобой алаксуу; алагды болуу, тынчсыздануу; көңүл бөлүнүү; *үйлар камалып, ылкак болуп баралвадым.*

ЫЛКАКГЕРЧИЛИК *батк.* тынчсыздангандык; *үwлуну эстеп, ылкакгерчиликтен карый турган болду.*

ЫЛКАКТАН *батк.* түпөйүл болуу; *талаадан сыйыр келсе, эмип койову деп ылкактанат.*

ЫЛКАМ *тал.* көңүл, сук, ниет тарткандык; *агайга ылкамың түштүвү?*

ЫЛКАН *зам.* элеп – желеп; *баламды базарга жөнөттүм эде, ылкан болдум.*

ЫЛКЫ: ылкы–шылкы *ыск.* олку – солку; *ылкы–шылкы болуп турат.*

ЫЛМЫҢ *батк.* кандайдыр бир мүнөздөгү, оокаттагы жетишдегендик; *ылмың–жылмың зорго иштейт* (кээде «ылмың – гылвың» болуп да айтылат).

ЫЛОО I *жжол., эск.* кайыр; *ылоо сураган адамга уйат* (азыр мындай көрүнүш жок).

ЫЛОО II *чүй.* айтым сөз; *элде эселтеден келаткан ылоо кеп бар.*

ЫЛООЛО *атб.* ырооло; *ылоолоп койгонуңузга ырахмат.*

ЫЛТЫМАС *ош.* өтүнүч; *биз сенден ылтымас кылып сурайвыз.*

ЫЛТЫН *лейл.* илгери умтулуу, жүткүнүү, аракет кылуу; *ол алга ылтынат эде.*

ЫЛТЫРА *пам.* ылтыра; *ылтырап турат.*

ЫЛЫ *пам.* жылы; *сүwүй–сүwүй кыш болот, ылый–ылый жаз болот* (мак.).

ЫЛЫК I *жерг., батк.* жылуу; *тонунун ылыгыны эгеси билет* (мак.); ◊ **сылыгыдан ылыгы** *лейл.* сулуусунан жылуусу.

ЫЛЫК II *түшт.* адат; онун ыйламай ылыгы бар.

ЫЛЫК *алб.* үгүшүү; *карышкырлардын ылыккан кезинде.*

ЫЛЫМ: ылым–жылым *өзг.* жылымык; *атала ылым–жылым экен.*

ЫЛЫМЖӘН *батк.* араң жан; *кәсәлдән айлыкпай, дагы ле ылымжән болуп жүрөт.*

ЫЛЫМСЫ *ыск.* бир аз ылым тартуу; *теги байкуш мени көргөндө ылымсып болвой калат.*

ЫЛЫМТА *пам.* мелүүн; *үйгө барып ылымта чай берди.*

ЫЛЫМЫК *лейл., батк., жерг., өзг.* жылымык; *сүт ылымык болуптур.*

ЫЛЫМТЫЛЫК I *батк.* араң жан; *ылымылыктын кыган ишиде тәйин бовойт.*

ЫЛЫМТЫЛЫК II *жжол.* ымыла; *достук ылымылык башталды.*

ЫЛЫН *ичк.* жылын; *үйгө кирип ылынып чык.*

ЫМ I *жжол.* эп; *өпкөмдү калбыр кылып жатып, ымга келтирип бердим.*

ЫМ II *пам.* 1. ынтымак; *түс бириксе – жол болот, тук бириксе – тон болот, ым бириксе – бар болот* (мак.); 2. *батк.* тилге кирип, ыкка көнгөндүк; *ымыңыздан чыкпайт.*

ЫМ III *акт.* чечилгис кылып байлоонун бир түрү; *туткасын айра байла, ым байла.*

ЫМ IV *ыск.* таңдануу сезимин туюндуруучу сырдык сөз; *ым зоотехник болот имиш.*

ЫММАА *зам.* ым, белги; *ол мени эшикке чык дегенсип, ымаа кылды.*

ЫМАМ *батк.* делбе сымал; *сени издей берип, ымам жинди болду.*

ЫМАНДЫК *жжол.* жакшылык кылуучулук; *ал адам ымандыктан калган.*

ЫМАЧ *атб.* суу же жарманын суюгун кошуп, майда тоголоктогон ун; *товуйаны адегенде ымач кылат.*

ЫМДА *батк.* жаңда; *гүң кишилер ымдап сүйлөшөт.*

ЫМДАЛА *жжол.* көздү кайра – кайра ымдоо; *көзүн ымдалап негедир ыргылжың тартты.*

ЫМДАТ *пам.* жаңдап билдиргендик; *әкәмдән ымдат болду эде, ыргып турду.*

ЫМДЫЛА *жерг.* ирме; көзүн ымдылап живерди.

ЫМЖАМ *ыск.* эптеп эле ысыгы бардык; *жол жүрүп келсе, ымжам эле жаны калыптыр.*

ЫМКЫГЫЛА *тяньш.* көздү ачып – жумуу; *көзүн ымкыгылап негедир сүрдөндү.*

ЫМКЫЛ *ыск.* 1. бир аз ымы бар; *ымкыл экен дагы тура турсун*; 2. *өтм.* араң жан; *ымкыл эле жаны бар.*

ЫМТЫЛ *лейл.* умтул; *ымтылып – ымтылып токтоду.*

ЫМЫК *сок.* бир аз ным болгондук; *жаап өткөн жамгырдан кийин ымык тартты.*

ЫМЫКТУW *тал.* жагымсыз; *ымыктуw иштен кача жүр.*

ЫМЫРАН *алб.* кыңырыл; *пакас ымыранып бервейт.*

ЫМЫРТКАЙ *тторо.* каралжын; *седепти «ак теңге», карагайды «ымырткай» деп тергеген илгери.*

ЫНААЛА *түшт.* ылаала; *жылкы ынаалап турат.*

ЫНАВАТ *кочк.* токтом, салабат; *алардын ичинде бир ынават адамы ошол.*

ЫНАК *жжол.* жытыгуу, сиңишүү; *кайда барбасын, чалга ынагып калганын көрөсүң.*

ЫНАШ *суз.* тегерек баш гүл ачып, дары катары колдонула турган өсүмдүк; *боз ынаш оңой эле тавыла койбос.*

ЫНДАН *ош.* дем; *ынданы өчкөн неме онун артынан басты.*

ЫНДАТ *пам.* ым; *өзүңдөн ындат бовосо, мендейдин канча алы бар?*

ЫНДОО *чүй.* кычы аттуу өсүмдүк; *талаанын бетин ындоо каптап кетиптир.*

ЫНДЫЛЫС *чүй, сейр.* илгерки зоот уйдун бир тукуму; *ындылыс уйдун тукумунан мына ву Орто–Алышта бар* (бул сөз «английский» деген сөздүн өзгөргөн түрү болушу мүмкүн).

ЫНДЫН *зам.* ал, күч; *эки пут жүктү көтөрө әвәй, ындыныдан кетиптир.*

ЫНДЫР *батк.* ал, кубат; *ындының куруп калдывы, качан босо көтөртөсүң.*

ЫНЖЫЙ *батк.* тыртаюу; *иштегени жеңил, бирок ынжыйып ар*ык.

ЫНЖЫК I *батк.* 1. кыйык,

тээжик, чыргоо; *тавы айнып, ынжык болуп калды;* 2. *өзг.* мылжың; *башынан ынжык өскөн көрүнөт.*

ЫНЖЫК II *өзг.* курак; *энем ынжык төшөк жасап койду.*

ЫНЖЫКТА *батк.* кежирлен; *ынжыктап жатып кыйнап бүтүрдү.*

ЫНЖЫҢ *суз.* кежирленгендик; *ынжың–ынжың эткен адам адамбы.*

ЫНЖЫҢДА суз. кежирлен; *ынжыңдавай бас бери.*

ЫНДЫСТАН *түшт., сейр.* ашказан оорусунун бир түрү; *ындыстан ыраак болсо, байгеси жуук девей, ындыстан ооруңа кара.*

ЫНКЫЛАП *өзг., эск.* козголоң; *илгери бир кезде ынкылап болгон (бул сөз азыр эскирген).*

ЫНТААЗАР *пам.* ынтызар; *саңа ынтаазар болдум.*

ЫНТЫЗАМ *зам.* тартип; *ынтызамды мәкәм орнотолу.*

ЫНТЫК *чүй.* ынтызар; *өзү кызыл, өзү кызык, боорунан тарткан сызык, айланасы кылтык–кылтык, журттун баары ошого ынтык* (таб. буудай).

ЫНТЫЛ *жерг.* жүткүн, умтул; *улакка ынтылсаң, нимне турасың?*

ЫНТЫПАК *зам.* ынтымак; *ынтыпак экен балдары.*

ЫНЧЫК *пам.* каңырылгандык, кетенчиктегендик, артынчыктагандык; *ынчык–ынчык этип эле бовойт.*

ЫНЧЫКТА *пам., батк.* кетенчиктөө, тарткынчыктоо; *ынчыктавастан барар жәйиңә барвайсыңбы.*

ЫНЫМДУУ *тторо.* зээндүү; *ынымдуу неме ылампудан ала келген экен.*

ЫҢ *жерг., зам.* табышты билдирген тууранды сөз; *чычкан ийниге киргенде ың дейт* (таб. тамчы).

ЫҢАЙЛА *пам.* ыктуу жакты издөө; *босогоңду ыңайлап кирип барам.*

ЫҢГААЛА *чүй.* "ыңа – ыңа" деп баланы сооротуу; *ыңгааласа энекем, упчу берди эжекем.*

ЫҢКЫ *ыск.* түтүн удургуп быкшуу; *түтүн ыштап ыңкыды.*

ЫҢКЫЙ *алк.* бир кылка, бир кур; *ыңкый жаш балдар чогулушуптур.*

ЫҢКЫЛДА *батк.* чыдамы кетүү, оорсунуу, чыдабоо; *эгер көтөрүң ки, ыңкылдап көтөрөсүз.*

ЫҢЫРАК *жжол.* ыңырчак; *кыңыракта кын жок, ыңыракта сыр жок.*

ЫҢЫРАҢДА *кочк.* араң козголуп басуу; *башын силкип, өпкөгө тепсе да, араң ыңыраңдап баскан ат.*

ЫПКА: ыпка–шыпка *акт.* эчтеке калтырбай ичип – жеөө; *ыпкап–шыпкап же.*

ЫПТЫН *чүй.* чөп – чар, куурай, саман, бак – шактын күбүлүп түшүп, ыпырап калган жалбырагы; сыныгы; *ай, алдыгы ыптындарын чогултуп, көчөгө чыгар.*

ЫПЧА I *атб.* чолок кемсел; *ыпчадан тартып шайыга чейин камдайт.*

ЫПЧА II *ыск.* боз үйдүн эпчи жагы; *байвиче ыпчада кымыз чайкайт.*

ЫПЧЫ: ыпчы–чыпчы *чүй.* кысталып – кыйналып жатып араң – араң жеткирүү, толтуруу; *сааттарды ыпчып–чыпчып жатып ойдогудай толтурдук.*

ЫПЫРА: ыпыра–сыпыра *ыск.* майда – чүйдөлөнүп сапырылуу, чачылуу; *ыпырап–сыпырап чачылып жатыптыр.*

ЫР *жерг., лейл.* кошок; *ыр токуп кой* (бул сөз көп жерде орусча "песня" деген мааниде айтылат. Бирок, айрым говордо ал илгери өлгөн адамдын кыркы берилгенден

кийин анын эң жакын эже – карындаштарын атка мингизип жетелеп, "ыр – токуп", б.а. кошок кошуп узаткан. Азыр бул учурабайт. Сөз ошол "кошок" деген мааниде айтылат).

ЫРА I: ыра – жоро *ыск.* жорук – жосун; *ыра – жороң жаман жигит экенсиң ээ девесин.*

ЫРА II *чүй.* ыйгар; *жамандыка ыраган адам адамбы?*

ЫРА III *пам.* ноюп кейүү; *сагагы бүтүн, шурусу көп деп ырайвы?*

ЫРА IV *батк.* жок болуп кетүү; *Товчакка кетип ырады.*

ЫРААКЫ *суз.* килемдин жээгине түшүрүлгөн ийме – чийме оймонун бир түрү; *зоройуп гилемге ыраакы салганды үргөндү.*

ЫРАВА I *жерг., эск.* илгери орозонун милдеттүү түрдө кармалыш жөрөлгөсү; *орозо ырава түрдө богон* (илгери Жерге – Талда орозону кыздар тогуз жашынан, эркек балдар он эки жашынан тартып кармай баштачу экен. Азыр мындай көрүнүш жоюлган).

ЫРАВА II *лейл.* уйкаштык; *ырдын башы – ырава.*

ЫРАВАЖ *жерг.* ийгилик; *Осек, ишиңе ыраважак берсин!*

ЫРАВАТ *лейл., эск.* илгерки ак сарай, кербен сарай; *кат – кат ыраватка бардым, этек – жеңиме кан тийгизбей кайтып келдим* (таб. чарык).

ЫРАЗ *түшт.* дары катары колдонулуучу өсүмдүк; *кана, достор ыразды көрсөтөйүн.*

ЫРАЗӘВӘР *жжол.* майда – чүйдө жашылчалар; *ыразәвәр мөмөдөн коноккo апке.*

ЫРАЗЫМ: мактым – ыразым *пам.* максат – мурат; *жәнәйил «көп уктап калыпмын, өх! — деп, тура калат, шонтип, мактым – ыразымга жеткен экен.*

ЫРАЙ *алб.* көгөрө терсаяктагандык; *эми деле кеч эмес, ырайдан кайт.*

ЫРАЙЫШ I *өзг.* башкарма; *ырайышка бардым.*

ЫРАЙЫШ II *жерг.* ырыс – кешик; *ынтымагым, ырайышым болду.*

ЫРАКАНА *батк.* 1. дарбазага кире бериш жер; *чоң эне, эчкиңиз ыраканада турат эле;* 2. *өзг.* короодон, бакчадан суу агып чыгуу үчүн жасалган арыкча, оюкча; *кишиге көрүнбөй ыракана менен кир.*

ЫРАМ *батк., эск.* китеп; *ырам ачып бериң деген* (азыр бул көрүнүш жок).

ЫРАМАЛЫК *өзг.* ыраматылык; *ырамалык Током далайды айтып кеткен тура.*

ЫРАМАТ *чүй.* гүл ала турган өсүмдүктүн аты; *ырамат гүлүнүн бир түрү го?*

ЫРАМАТЫ: куда ыраматы *өзг.* дүлөй; *ал куда ыраматы болуптур.*

ЫРАНДА *лейл.* орок сымал ийип жасалган жыгач жонгуч аспап; *орок ыранда менен кетмен саптадым.*

ЫРАҢ I *пам.* бир түр, бир кыл; *Алайдан кеген адамдардын тили бир ыраң эде.*

ЫРАҢ II: ыраң – бараң *батк.* эптеп – септеп; *ыраң – бараң эле эшик кыла койдук.*

ЫРАҢ III *жерг., зам.* 1. боёк; *көк ыраң;* 2. түс; *жүндүн ыраңы бир түрдүw;* 3. **сыя**; *ыраңын барбы, кат жазайын;* **ыраң от** *лейл., өзг., суз.* 1. чөптүн бир түрү; *ыраң от мәйдә, көк болот;* 2. *пам.* мал жебей турган кызыл түстөгү чөп (бул чөптүн тамырынан жергиликтүү адамдар илгери боёк жасашкан); **ыраң кайтарды** *жерг.* тотукту.

ЫРАҢДА *жерг.* боё; *жүндү ийрет, онон ыраңдайт.*

ЫРАҢДУW *жерг.* өндүү – түстүү; *ыраңдуw кыз экен.*

ЫРАҢДУУ *ыск., сейр.* сыяктуу; *ошого көнүп калган ыраңдуу.*

ЫРАПШАН *тторо.* начарлап ооруган көздүн кайра күчкө кирип, көрүп калышы; *ошондо сокур болгон экен, көзү ырапшан болгон экен.*

ЫРАСА *зам.* акыл толгондук; *бала онго киргенде ыраса болот.*

ЫРАСАЖУП *жумг.* жумуру чабак, жыгач; *ырасажуп жасашып ий.*

ЫРАТ I *суз.* жыргал; *ырат болуп жатат күн сайын.*

ЫРАТ II *пам.* алыстатуу, оолактатуу; *өгөй ата баланы ыратат дей берве.*

ЫРАШАН *жерг.* кооз, ажайып; *сизге малал кевесе, кичине ырашан жерге токтойлу.*

ЫРАШКЕР *жерг.* ынтымак; *ырашкер адамдар көп.*

ЫРВАЖЫ *ал.* ыкбал, жол, бакыт; *ырважысы бар экен, быйыл пуланын толтурду.*

ЫРВАТ *батк.* үзүр, барал; *ар кимдин ишиге ырват берсин.*

ЫРГА I *батк.* 1. ирге, сортто; *дөшкөнүн чоң–кичинесин ыргап кой*; 2. *жжол.* күбү, силк; *алмадан ыргап кел*; 3. *суз.* термет; *алдындан бешик ыргап өт.*

ЫРГА II *лейл.* жырга; *апа, мәлә сыйыр тувса ыргайвыз.*

ЫРГААЧЫ *батк.* майда өзөктүү, жумшак, чөптөр (бетеге, печек, кийик от ж.б.) ; *ыргаачы от аз экен.*

ЫРГАЙ *чүй.* арыктап жүрбөй калуу; *миңген атың ыргайып, эмне болуп калган?*

ЫРГАЛ *түшт.* жыргал; *шу быйыл жылдын ичинде ак ыргал деп ыр чыкты.*

ЫРГАЛЖАН *түшт.* ичке бойлуу, келишкен сулуу, ыргалып баскан кыз же келин; *ыргал–ыргал ыргалжан, ыргалышкан кыздаржан* (бул сөз эпитет катары оозеки ырларда өтө жыш кезигет).

ЫРГЫ *жжол.* ыйгар; *жакшылыктан башка эч нерсе ыргывайт.*

ЫРГЫМА *тал., терг.* бүргө; *ырғыма дегениң энди жок болду.*

ЫРГУW: бир ыргуw *пам.* мөөрөй ойнунда «молдону» жыга койгон адам алга чуркап келип, күүлөнүп бир секирүү учуру; *бир ыргуw, бир аттоw.*

ЫРГЫТАН *түшт.* киши кийик; *ырғытанды адеп эле гәп урат.*

ЫРДА *ичк.* өкүр (адам өлгөндө өкүрүү); *ырдап ийлә ал, кошок кошуу; эркектер ырдап ийләгән* (Алай, Жерге – Тал, Памир, Замин жактарда «кошок» деген сөз айтылбайт. Илгери – илгери эркектер өлүктө, аялдар сыяктуу эле, кошок кошушкан деп айтышат. Өткөн замандарда кокус өлгөн адамдын жакыны көмгөн кезде болбой калып, бир аз күндөн кийин келсе, көрдү кайра ачып, «коштоштуруу» салты болгондугу эскертилет. Мүрзө «айбан» жана «сарай» делип, эки бөлүктөн турган да, сөөктүн өзү «мүрзө», ал эми көр «мүрдө» деп аталган. Кары адам өлсө, мүрзөгө кургак таяк сайып, ага топостун куйругунан «туw» илинген, топоздун куйругу ыйык деп эсептелген. Мүрзөнүн үстүнө колунда барлар «күмбүз, кавыр, чалыяр» курдурган. Колунан келбегендер «саңги моло» же «жарма» кылышкан, башкача айтканда, молоташ коюшкан, же чым бастырып ташташкан. Жаш бала көз жумса мүрзөгө таяк сайып ага «кеште» жолук илген. «Кеште» өлүктүн көзү ачык жаш бойдон кеткендигин билдирген. Жетим бала («сагыра») өлсө, таякка беш манжа жасап, кайыш илип коюшкан. Ал жетимдиктин, эч нерсе көрбөй, колу ачык бойдон куурап өткөндүктү билдирген. Өтө жаш бала учса, анда

мүрзөгө торгойдун сүрөтүн, топ, журт башчысы, кадырманы болсо текенин сүрөтүн тарттырган. Өлүктө балдар таяк таянып «канатым, медерим, медетим, таянычым, жигерим ow » деп ырдашкан (өкүрүшкөн). Кээ бир жерде өкүрбөй эле үй ээсине келип, «пенделик кылыптыр» деп кайрат айтышкан. Азыр бул көрүнүш такыр өзгөргөн).

ЫРДАМАЛ *алк.* ырдай турган учур; *сенин күндөгү ырдамал маалың болуп калды окшойт.*

ЫРДУУ *түнд.* ыр – чырдуу; ырдуу күйөө – чырдуу кыз (мак.).

ЫРДЫВАН *түп.* төрт дөңгөлөктүү ящиктүү араба; *ырдыван арава да айдагам.*

ЫРДЫКСЫЗ *түшт.* ажырагыс; *ырдыксыз бөлүгү катары эсептейт.*

ЫРЗА *лейл.* ыраазы; *уйку мырза, эрте жатып кеч турсаң болот ырза.*

ЫРЕЛЕК *лейл.* айрөк – айрөк; *уктап калып койун жоготкон ырелек, ырелек!*

ЫРКЫ *пам.* ыркыроо; *ыркыйсың – каппайсың, менен жакшыны таппайсың* (мак.).

ЫРОW *лейл.* жетекке жакшы жүргөн мал; *ырow ат экен, чарчатпады.*

ЫРОО *тоң.* маңыроо, макоо; *ой, ыроо баш, ал сыртынан бекийт.*

ЫРООБАЙ *тоң.* белекче; *эми далай ырообайларды капшааптар, суугуна тегеретээр.*

ЫРП *жерг.* 1. ыпыр – сыпыр (чөп гүлүнүн кургаганда майдаланып калганы) *чөптүн ырпы чәчилип жатат*; 2. тозоң, чаң; *унду ырп кылып тартыпсың.*

ЫРСАЙ I *тал.* буудайдын кабыгы өзү ачылып, бат күбүлө турган түрү; *бywдайдын ырсай дегени да бар.*

ЫРСАЙ II *тал.* метис, аргын; *ырсай койдон бир – өкөw бар* (кээ бир жерде «малыш» деп аталат).

ЫРСАЛАТ *алб., эск.* илгерки учурда чарбачылык иштерди жүргүзүү боюнча жана ыгым – чыгымдарды төлөө жөнүндөгү эрежени туюндурган китеп; *менин тайакемде бир ырсалат бар эле* (илгери түштүк райондордо ар бир кесиптин өзүнчө «ырсалаты» болот деп эсептешкен. Кээде «ырсалаты» бар кесипти 14кө чейин жеткиришкен. «Ырсалатты» ар бир кесиптин пири түзгөн деп түшүнүшкөн, дайыма кандайдыр бир кесип иши башталаар алдында «ырсалат» окулган. Аны окуган адамга акчалай же буюмдата акы төлөгөн. Ушуга ылайык, мисалы, үй салуу иши дүйшөмбү күнү башталган үйдүн байдувалы башталаар алдында мал союлган, үйдү куруучу устага кийит кийгизилген. Азыр бул көрүнүш эскирип жоюлган).

ЫРТАЙ *түнд.* чүйрүттөө; *ыртайсаң тыртай, алымсагың бир тай* (мак).

ЫРЫЛДАВАС: ит ырылдавас *тал., эск.* илгери кызды үйдөн узатып жатканда жеңелер тарабынан күйөө баладан алынган каада пул; *эми ырылдавас деген такыр жойулду.*

ЫРЫМ: ырым – ырым *батк.* эптеп – септеп; *ырым – ырым кылсаңар деп жаагыны кайрады* (көп сүйлөдү).

ЫРЫМДАН *батк.* салт кылуу; *ырымданып келиппи, бовосо ыркым кайтат.*

ЫРЫМДЫК *зам., эск.* коркондо, ооруганда илгери жалгыз, кароосуз калган адамга берилген кандайдыр бир нерсе; *ырымдык хазыр калып кетти.*

ЫРЫМКӘШ *өзг.* ырымчыл; *ол деле ырымкәш экен.*

ЫРЫСКЕЛЕШ *тяньш.* ырыскылаш; *кешигиңди кошо жеп сага ырыскелеш болду.*

ЫРЫТ *тал.* арбуу, күчөө; *санаадан*

санаа ырытып, кээде ишенбей кетет.

ЫРЫШКЕР *ыск.* ырашкер; *ынтымак–ырышкер болуп он жыл турдук.*

ЫС I *ал.* ыш; *терс кайыкты пүтүп койуп, ысты тазалайын.*

ЫС II *ал., лейл.* жыт; *айылдагы ыс чыккан жакка үчөwү жөнөдүлөр.*

ЫСАЧЫ *ал.* ызакор; *ысачылар сый менен.*

ЫСВАР *батк., ал.* 1. илгери колдонулган буурсун; *ысвар менен омкоруп таштайт*; 2. *өтм.* узун бут, узун шыйрак; *ысварыңды жыйып отур.*

ЫСВЫЛЫ *пам., ал., жерг.* көчөт, сайманын бир түрү; *ысвылы кештеге тигилет* (бул көчөттү адегенде кездемеге чейин түшүрүп, анан он үч жиптен түр чыгарып, тергич менен терип саят. Ал буюмдун өң жак бетине түшүрүп, кээде «кыйал» деп да аталат. Мунун: жеке ысвылы, кош ысвылы, ысвылы кочкорок, ысвылы кайык, пүтөw ысвылы, ысвылы арави, ысвылы афгани, ысвылы жүзө (бул темир буюмга түшүрүлгөн гүл кооздук), ысвылы мева (бул түр да темир буюмга түшүрүлөт), ысвылы патнус деген ар кыл түрлөрү болот).

ЫСКАТЫ *лейл.* 1. ашкевер; 2. сырдык сөз (каргоо, жекирүү маанисинде айтылат); *э, арам өлгүр ыскаты*: 3. *батк.* кепин; *эски–уску чүпүрөк–чапырак; ылвыратпай ыскатыңы ары кылчы*; **ыскаты ай** *батк.* аттиң ай; **ыскаты кагыр** *батк., зам.* жерге киргир; *ыскат кагыр, ала сыйыр чарвакка кирип кетиптир.*

ЫСКЫРТ *зам.* жийиркеничтүү; *сен ыскырт иш жасава.*

ЫСКЫСТОW *чатк.* ысык өтүүдөн пайда болгон оорунун аты; *ычкырдыв жесе, ыскыстowто жагавы, жакпайбы?*

ЫСКЫТ *ноок.* 1. өтүктүн кончунун арткы тигишине кошо кайылган ичке кайыш; *өтүккө ыскыт койуп тигет*; 2. *тал., чатк., тяньш.* шырдактын жээгине, оюларынын кыр – кырына кошо бастырылып тигилген ичке чалма жипче.

ЫСКЫЧ *чүй.* ызгыт; *ыскыч саска конот, сазык үпү, телкушу кургакка конот.*

ЫСЛЫКЫ *зам.* эчтеке жарабай калган көр – жер буюм; *ыслыкыңды башыма урамбы?*

ЫСМАЛАК *суз.* жалбыректары узунча келип, ара тиштүү болуп, жерге жапыз өскөн өсүмдүк; *ысмалактын чүчпәрәси ширин болот*; **сүт ысмалак** ысмалак өсүмдүгүнүн өңү агыш келген түрү; *сүт ысмалактын түвү байчечектин түвүдөй болот.*

ЫСМАН *алб., акт., суз.* 1. конок; *мейман–ысман келгенде бир аз татып койгон экен;* 2. жумушкер, ишчи: *бир күн мейман, бир күндөн кийин ысман;* 3. ар кыл ишти жасай берген адам, же ар түрдүү уруна берген буюм; *гүндүзү мейман, түндөсү ысман* (таб. көрпө – төшөк жууркан).

ЫСПЫСТА *тал.* ысылы – суукка урунуп чабал тартуу; *ыспыста болгон киши.*

ЫССЫ *батк., суз.* ысы; *ыссып чыккан дененин дәрти башка.*

ЫССЫК *суз., батк.* ысык; *адамдын жүзү аптаптан ыссык* (мак); *ыссык жан бедарт болвос* (мак).

ЫСТА I *жерг.* ыштоо; *эки саатта ыстап жүтөрдү.*

ЫСТА II *ал.* жыт чыгаруу; *кайыктай богон бирөw ыстап жәтәт.*

ЫСТАЛ *жерг.* ышталуу; *аловхона ысталып калыптыр, чавыш керек.*

ЫСТАЛА *тал., батк.* уят, ыйбаа, ызаат; *улуу кишилерден ыстала кылган жакшы болот.*

ЫСТАМА *батк.* өрүктөн жасалган шире тамак; *бүгүн биз ыстама жасадык.*

ЫСТАН *зам.* ышталып жыттануу; *гөштү туздаваптырсың ыстанып калыптыр.*

ЫСТАРА *алб.* кебете; *ыстарасы сумук.*

ЫСТАРАШ *өзг.* аттын туягын тегиздөөдө колдонулуучу курал; *ат такалап жатып, колунан ыстараш түшүп кетти.*

ЫСТАТ *ал.* жыттатуу; *кайыманы пүткөндө ого ыстатавыз.*

ЫСТУW *ал.* жыттуу; *Ой – Кайыңдын жери түз, чөвү ыстуw.*

ЫСТЫК I *лейл.* 1. адегенде эт менен пиязды майга кууруп, анан тууралган картошка салып, суу куюп, кайнагандан кийин кесме салып бышырылган тамак; 2. *батк.* мастава; *биз ыстык дейвиз, башкалар мастава дейт*; 3. *жерг.* денеге бүдүр болуп чыккан майда жара; *денеге ыстык чыгып кетти;* 4. *пам.* күн какшып тийген суусуз капчыгай; **ыстык аш** *батк.* айран катыкталган күрүч же кесме тамак; **үйрө ыстык** *батк.* сүт же айран катыкталган ысык кесме; *бир кәсә үйрө ыстык ичтим?* **кур ыстык** *пам.* кургак колот, саратан; **саратан ыстак** *пам.* жай чилде; **умай ыстык** *батк., эск.* боюнда бар аял ай – күнүнө жеткен учурда кары кемпирлерди чакырып, оокат бышырып берүү жөрөлгөсү; *умай ыстык ичип келиңиздер* (мындай учурда оокат желип бүткөндөн кийин бир табак ундун үстүнө пахтадан пилик кылып тытып коёт да, аны бала – чакалуу бир кемпир боюнда бар аялга карата "эсен – аман туwуп – түшүп бошонуп ал, кудайым кочкордой увул койчуман берсин, өнүп – өскүлө, шу баланардын рәәтин көргүлө, кыйналбай – путу колунду жыйып ал. Патма, Зuwра, умай энебиз колдоп сүйөсүн. Шу дәсторкондун сowуну умай эневизге багышладык" деп дува кылат. Азыр бул жөрөлгө эскирип, жоюлуп калды); **ыстык көтөрүп кетет** *батк.* ысык урат.

ЫСТЫК II *пам.* ык тутуу; *нимнеге ыстыгып калдың?*

ЫСТЫКОВМАТ *жерг.* жашоо, турмуш; *серәвно ону менен ыстыковмат кылвай койвойт.*

ЫСТЫКТЫК *ноок.* ысык чилде; *ыстыктыктd кайда баравыз?*

ЫСУWЛУ *жерг.* гүл өсүмдүгүнүн элесин берген кооздук; *жылдыз көчөт, тогуз дөвө, соолун көчөт, кой көз, ысуwлу деген кеште бар.*

ЫСЧЫЛ *ал.* жытчыл; *кайып болсо йәм ысчыл неме тават.*

ЫСЫ *ыск.* кызыл, кочкул, мала, сары түстөрдүн жалпы аты; *ысы түстөр көздү талытат.*

ЫСЫГОТ *чүй.* күзгө жуук малды тоодон жакадагы аңыздарга айдап түшүп откоруу; *ысыготко деп малдарды аңызга түшүргөн.*

ЫСЫГЫЛЫК *чүй.* ысылык тамак; *ысыгылыгына эмне берди?*

ЫСЫК *жерг., өзг.* куурулган буудайды сокуга жанчып, катыктап жасаган тамак; *ысык пышып жатат* (кээде «жарма атала» деп да аталат).

ЫСЫКСЫРА *батк.* ысыкта; *мал ысыксыравайт.*

ЫСЫЛА *зам., эск.* жер которуу; *жер ысыласы болуп өткөн.*

ЫСЫЛЫМ *пам.* таар, чадарга согулган ийме – чийме кештенин бир түрү; *ысылым соолун болуп салыныптыр.*

ЫСЫРЫК *жерг.* 1. данын ич ооруга, тамырын кычышкакка, бүрүн аш казан ооруга, ичтейди ачууга колдонула турган жашыл түстүү, тоголок майда бүрлүү келген өсүмдүк; *ысырык мәйдә көк чөп болот;* карагай, арчанын бүчүрү.

ЫСЫРЫКТА *жерг., эск.* үйдү, бешикти, мылтыкты дарымдоо (илгери мылтыкты ысырыктоо ар

түрдүү болгон; 1. мылтыкты оттун жалынынан бир – эки тегереткен; 2. ар кыл түстөгү чүпүрөктөрдү арчага байлап, анан аны күйгүзүп, мылтыкты кундагынан оозуна чейин ысыктаган; 3. малдын каны менен анын оозун, боосун кандаган; 4. арчаны күйгүзүп, түтүнү мнен аластаган; 5. мергенчи үйгө киргенде башынан «от тегеретмей» ырымын өткөргөн; 6. мылтыктын стволун жыландын түлөп калган «пусу» (кабыгы) же мүрзөдөгү эски кепин менен сүртүп тазалашкан; 7. «кырсык» чыкты делгенден кийин, биринчи атылган жандыктын каны менен мылтыктын оозун, боосун кандап сүрткөн. Азыр бул көрүнүш эскирген).

ЫСЫТКЫ I *зам.* ылым; *ондо ысытқы саган экен.*

ЫСЫТКЫ II *кочк., эск.* суукту чыгаруу үчүн денеге басылган ысык улпак, талкан, кирпич же картык; *далыңызга ысытқы басыңыз* (бул көрүнүш азыр жоюлган).

ЫСЫТКЫ III *батк.* өтө эле кейпи кетип суук көрүнгөн; *өлө, ысытқыга окшоп калыпсың;* ◊ **ырыскыны эптевей, ысытқыны қаптавай** *батк.* жанын асырай албай.

ЫСЫТКЫЛЫК *зам., эск.* жакшы көрүүчүлүк; *күйөөүгө ысытқылығы бар.*

ЫСЫТМА I *жерг.* 1. температура; *ысык жан ысытмасыз болвос* (мак.); 2. безгек; *дәртти жәширсәң ысытмаң әшкәрә кылат* (мак.); 3. шакый; *ысытмам кармап, кәлләм көтөрүлбөйт;* 4. *эск.* илгери безгек менен ооруган кишини ысык сууга түшүрүп, жаңы союлган малдын (уй, эчки) терисине ороп, үстүнө беде жаап, бутту кумга көөмп дарылагандык; *ысытма кылып дәриләш азыр калды.*

ЫСЫТМА II *батк.* экинчи жолу ысытылган тамак; *ысытма аш жедим эде.*

ЫСЫТМА III *жерг.* 1. жакшы көрүп калуучулук; *ысытма деген богон дешет;* 2. *зам., өтм.* араң жан.

ЫСЫТМАЛА *жерг., пам., өзг., лейл.* 1. дене ысып – күйүп ооруу; *бүтүн түнү менен ысытмалап чыкты*: 2. *карс.* кызамык чыкканда көздөн жаш чыгып, мурундан суу агуу; *ысытмалап, көзү балбактап чыгат.*

ЫТКЫЙ I *ыск., кочк.* ийни чыгып, мойну бир сөөк болуп көрүнүү; *олутуңа барып отурчу, ытқыйбай.*

ЫТКЫЙ II *кочк.* түнөрүү; *бороон – чапкындуу кара туман ытқыйат.*

ЫТКЫТ I *зам.* шилтеп ыргытуу; *чүпүрөктү ытқытып жүгөр нары.*

ЫТКЫТ II *зам.* ыктыт; *мен ытқытып галыпмын.*

ЫТЫКЫЙ: ытыкый – чытыкый *ыск.* чыт – пыт болуп чиеленишкендик; *ит олтурушка салып чыйт түкүрбө, ытыкый – чытыкый ишке катышпа* ("бытыкый – чытыкый" болуп да айтылыт).

ЫТЫН *тал.* улкун – жулкун; *айуwдан бетер ытынып – ытынып жыра талашат.*

ЫТЫРКАЙ *чүй.* итиркей; *ытыркайым келип жаман болдум.*

ЫХЧАМ *зам.* чакан, кичине; *бул телевизор ого караганда ыхчам экен.*

ЫХЫ *түшт.* эшекти мингенде теминип бастыруу үчүн айтылуучу сөз; *ыхы десем баспайт, сойсом каны чыкпайт* (таб. дубал). Бул сөз "ыххы" түрүндө да айтылат.

ЫЦЫНИЙ *батк.* таң калуу, таңыркоо, кай бир учурда чочуй алымсынбоо сезимин туюндурган сырдык сөз; *ыцыний ай, бул ишиң жаравайт* (бул сөз аялдардын речинде гана жолугат).

ЫЧКЫЛДЫРЫК *тал.* ышкын; *ычкылдырык токойдо өсөт.*

ЫЧКЫРДЫК *жжол.* 1. кар кетери менен көбүнчө күңгөйлүү беттерге таш – корумдун арасына жети – сегиз см. тереңдикте тамыр алып, тоголок түп байлап өсө турган өсүмдүктүн аты; *ычкырдыкты мал жевейт, түвүн керек кылат;* 2. *чатк.* түбү пияз сымал келип, картайганда башы тобурчактап кете турган, өңү ак, гүлү ак жашыл, жалбырагы пияз сымал өсүмдүк; *ычкырдык биздин towgo өсөт.*

ЫШАРА *түшт.* ишаарат; *ышара бергенин көрө койду.*

ЫШКАЛ *зам.* ышпалда; *иштин ышкалыны чыгарваң!*

ЫШКААЛА *лейл.* шыкалоо; *кызы ышкаалап туруптур.*

ЫШКАЛА *батк.* ушалоо; *алаканга салып ышкалайт.*

ЫШКАР *батк.* 1. «ушлан» өсүмдүгүн күйгүзгөндө коргошун сымал эрип, күл арасында уюп кала турган уюнду; *ышкар совда сымал ак болуп, кир жywганда колдонулат;* 2. *зам.* шакар; *орусча щелоч дегенди биз ышкар дейвиз.*

ЫШКЫЛАН *кочк.* ыкшоо тартуу; *ышкыланып турбай жатат.*

ЫШКЫН *пам.* сүйүү, ашыктык, кумардык; *ышкынга салган дарт ушул досум.*

ЫШКЫРТ *батк., өтм.* бир нерсени тез түгөтүп жиберүү; *шул ашты ышкыртып ийсек.*

ЫШТАМА *жжол.* комуз чабуу үчүн даярдалган өрүктү бир – бир жарым жыл көңгө өңү чыксын деп көөмп коюп, анан сомдоп, анан арчанын түтүнүнө ыштоо жолу (кээде ал «арча боёк» деп да аталган); *ыштама болгондо чертмек кызыл түскө айланат.*

ЫШТАН: кызыл ыштан *батк.* тоңкулдак; *өрүктүн башыда кызыл ыштан тоңкулдатып жүрөт.*

ЫШТАНДЫ *батк.* табылган буюм; *ыштанды болсо колтукка уруп.*

ЫШТАНДЫР *батк.* жаш балдар кумдуу жерге келип, бир колун кумга көөмп, экинчи колу менен «арпа пыш, көрпө пыш, биздин бywдай эрте пыш» деп таптап ойногон оюн; *жүргүлө, ыштандыр ойнойвуз.*

ЫШТАНЧА *түп.* көрпөчөнү бастыруу үчүн тартылган басмайылдын күмүш чаптырып кооздогон жери; *ыштанчасы күмүштөн экен басмайылдын.*

ЫШЫК I *батк.* 1. берилүү, алынуу; *о әйәлгә ышыгып калыптыр;* 2. *батк.* талыкшуу; *ышыгып отура беревисиңби?*

ЫШЫК II *пам.* ышынуу, эринүү; *ышыгып, жегдечен эшикке чыкты.*

ЫШЫКМА *жерг.* кетенчиктеп туруп алма, баспай коймо; *ышыкма босо мингениң курудуң да.*

ЫЫ *батк.* ооба; – *ыы, көргөмбүз, нар жакка чыга бериште.*

ЫЫЙК *кочк.* эликтин чаарчыгынын үнүн тууроо; *ыыйк–ыыйк маарайт.*

– Э –

ЭВЕ: эве–севе *тал., чүй.* себелегендик; *эве–севе күн жаайт.*

ЭВЕГЕЙСИЗ *зам.* эбей – себей; эки тоwдун арасыда эвегейсиз жаан жаайт (таб. элек).

ЭВЕДЕЙ *ыск.* эт – жүрөк; *ойда, эведейи эзилип келе жатат.*

ЭВЕДЕН *кочк.* ичи – боор; *эведени эзилип байбичени карады.*

ЭВЕЛЕЙ *пам.* эң бийик зоонун, кырдын учунда жүргөн; *төмөн–төмөн төртөw, төмөндөтө бешөw, эвелей кийик экөw, соголор соргок, сок жаңгыз* (таб. төөнүн төрт буту, куйругу, өркөчтөрү, оозу, өзү).

ЭВЕЛЕК *тал.* көпөлөк; *балдар көчөдө эвелек кууп, ойноп жүрүштү.*

ЭВЕН: эвен–эвен *түшт.* обоо; *эвен–деди, эвен деди, эвен жайлан биздин эл төмөндөдү, сөөгү жок бир куш бар, анын атын эмне деди?* (таб. көпөлөк).

ЭВЕҢ *жерг.* көпөлөктүн жай, бирде конуп,бирде ойкуп – кайкып учушу; *эвең–эвең эте келет, каргалуwга коно келет, кардын сuwун иче келет.*

ЭВЕПЖИ *чүй.* ынгыран, иренжи; *шек алгандай эвепжип түрүп алды.*

ЭВЕР: эвер–север *чүй.* калкылдап, ойкуп – кайкыгандык; *эвер–север этип келет.*

ЭВЕРЕ *суз.* кыбыранын баласы; *карааның көргөз эверемдин барайын* ("ата бала, невере, чевере, кывыра, эвере" болуп ажыратылат. Кээде "эвре" болуп да айтылат).

ЭВЭЭЙ *ноок.* чочуганда айтылуучу сырдык сөз; *эвээй, шундай белең?*

ЭВИЙ *тяньш.* өтө карыган кемпир; *элпилдеген эвий бол алпылдаган авышка бол.*

ЭВИКЫЗ *түн.* кыраан бүркүттүн бир түрү; *карала таштын эвикыз, тавын тапсаң күндө сыз, тава алвасаң мээлейиң алып боюң кыс.*

ЭВИЛ *чүй.* кубулуу; *кээ кезде эвилген көйнөк кийем да, элирген күлүк минем да.*

ЭВИРЕ *ыск.* ары жоктук; *энеси жок эвире жетим болбос.*

ЭЛВЕ *карс.* үйлөндүрүү; *мен уулумду эвелеп койдум.*

ЭГӘЛИК *батк.* кейүүнү түшүндүрүүчү сырдык сөз; *эгәлик, эртерээк келгенде болот эле.*

ЭГЕ I *чатк., жжол., лейл., зам.* ээ; *ол үйдүн эгеси кылды кырк жарган калыс;* **бешик эге** *батк.* бешик эне; *арстан жолворс туйгунум, атасы жакшы кулунум, жакшы уйкудан бәәр тап; умай эне, Бувү Батма, Зuwралар койунуңду ач, бешик эгелери келди, күчүктөрү алыс кач* (баланы бешикке бөлөп жатканда айтыла турган байыркы сөздөн. Азыр бул эскирген); ◊ **эгеси келсе, бейесини бер** *зам.* ээси келсе, бээсин бер деген маанидеги туюнтма; **эгесини сыйласаң итиге сөwөк сал** ээсин сыйласаң, итине сөөк сал деген маанидеги туюнтма; **бизден кеткиче, эгесиге жеткиче** эсен – соо болгой эле деген маанидеги туюунтма; **иттин пейли эгесиге мээлим** кандайдыр сыр, мүнөз, маалым, белгилүү деген учурда айтылчу туюнтма; **тээм эгеси менен ширин** даам ичүү, оокаттануу үйдүн ээси менен бирге болсо таттуу болот, жегиликтүү болот деген маанидеги туюнтма; **үй эгесини төрдөн тааны** үй ээсин төрдө отурганынан бил деген туюунтма; **эшекке мүйүз бүтсө эгесини сүзөт, туйагыга канат бүтсө–темингини үзөт** *пам.* эсирген ит ээсин тааныбай калат деген

маанидеги туюнтма (анын "эшекке мүйүз бүтсө эгесини сүзөвү, түйәгә канат бүтсө тамыны бузавы?" деген варианты да бар).

ЭГЕ II *жерг.* өгө; *хуп эгедимби?*

ЭГЕГЕЧ *батк.* эге берме; *эгегеч болсоң, козу кепшең эгип көрвөйвүсүң?*

ЭГЕЙ I *батк.* таш боор; навада мени сурап калса, сәләм деп кой, эгей бовой.

ЭГЕЙ II: бир эгей *лейл., батк.* өтө сонун, өтө мыкты, өтө күчтүү, өтө көпкө; *бир сүйлөсө йәм бир эгей сүйлөдү; бир күн иштесе йәм бир эгей иштеди* бир күн иштесе да өтө мыкты иштеди.

ЭГЕЙ III: эгей баш *өзг.* эәнбаш; *өгүзү жок "кудай берди" жер сугарат* (туулбаган музоого казык кагат деген мааниде да айтылат) *деген эгей баш эле.*

ЭГЕЙЛЕН *батк.* таш боордук кылуу; *сен эгейленбе, жаман адат болуп калат.*

ЭГЕЛ *жжол.* бир нерсенин сыры кетип, эскирип көөнөрүү; *алтындан кылган сандыгың эгелсе да кевелбейт.*

ЭГЕЛЕ I *зам.* ээлик кылуу; *базардай сенин үйүңдү кандай бәндә эгелей.*

ЭГЕЛЕ II *жерг.* өгөөлө; *байагы күнү жакшылап эгеледимби.*

ЭГЕЛЕК *батк.* эбелек; *эгиздеги эгелек, кичине келин тегерек, оң чекеңе гүл керек, ойунуңа биз керек* (балдардын оюн ырынан).

ЭГЕР *жерг., батк.* ээр; *аталашым аттан түш, энелешим эгерге мин* (мак). **эгер качкы** *батк.* 1. бирөөнү алдап буйт берип, жумуштан качкан жалкоо; *сенен эгер качкы эч ким жок девесин, жакшы иште*; 2. ары – бери буйтаган жылкы; *эгер качкы атпы?;* **эгер кашы** ээрдин кашынын элесин берген көчөт; *чөмүч савы, эгер кашы көчөт түшүрдүм;* **эгер көчүк** *батк.* көрпөчө; *эгер көчүктү о кишинин алдыга салып бердим;* ◊ **аттан түшсө йәм эгерден түшпөс** *жерг.* бийликтен кетсе да мурунку адатын таштабайт деген маанидеги туюнтма.

ЭГЕРЛЕ *пам.* ээр токумда; *эликке киргенде эгердеген аттайсың, алтымышка киргенде аркандаган аттайсың, жетимишке киргенде акта болот, сексен – жексен, токсон – акирет, пәйит – корксоң* (мак).

ЭГЕРЧИ *жерг.* ээрчилик кесиби бар адам; *биздин ишенген мәдәтивиз о эгерчи.*

ЭГЕШ *сук.* атаандашуу; *ону менен эгешпей ле кой.*

ЭГЭЭК *жерг.* эгээнек; *эгээк эдең, кәптәрканадан бери чыгып келиңчи.*

ЭГИЗ *жерг., түшт.* 1. бийик; *аттан эгиз, иттен пәс* (таб. ээр); 2. жайлоонун төрү; *эгиздеги малга барат;* 3. түпсүз, чексиз; *асман эгиз, жер тегиз, айланып келвейт он сегиз;* **эгиз булак** бийик жерден агып чыккан, агып түшкөн булак; **эгиз төр** жайлоонун бийик жериндеги төр; **кәйфи эгиз** *жерг.* кызуу, мас; *олордун кәйфи эгиз, назарымда бир жерде отуруштан чыкса керек;* ◊ **асман эгиз, жер катык** барар жери жок, айласы түгөндү, амалым куруду деген маанидеги идиома.

ЭГИЗДЕ *жерг., түшт.* бийикте; *эгиздеп жылкы айдайттар.*

ЭГИЗЕК *жерг.* эгиз; *Асан, Үсөн эгизек;* **эгизек улак** *жерг.* ордодон бир учурда чыккан эки – үч чүкөнүн бирөөнү экинчи жактагылардын алып алышы; *эгизек улак – эгизек улак, ээ... койуң аркаандын узуну, гәптин кыскасы.*

ЭГИЛ I: эгил – жагыл *ыск.* күйпөлөктөп жагынган; *байагы эле эгил – жагыл Мамбет да;* **эгил – төгүл** *чүй.* аш – ташып берилүү; кумардана

суктануу; *эне тилин эгилип–төгүлүп сүйөт.*

ЭГИЛ II *кочк.* эчкир; *эгиле–эгиле өксөп өкүрдү.*

ЭГИЛ III *зам.* ийил; *эгилген башты гылыч кесе векен?*

ЭГИН *пам.* кийим; *эгиниңди көп жыртпа;* **тарп эгин** эски – уску кийим; *тарп эгинди ташта.*

ЭГИНЗАР *ноок.* эгин айдалган аянт, жер; *мелтиреген пахта, эгинзарлар көз курчун алат.*

ЭГИНЧЕ *атб.* жүктү унаага артканда арканды эки каптап келип, ачык учтарын аттанар жакка туштап, анан ээрдин үстүнө таштап, туюк учунун бирин теңдеп үстүнөн, бирин астынан өткөрүп жүктөө ыгы; *эгинче артуу кылып жүктө* (кээде ал "аштыкча артуу" деп да аталат).

ЭГИШ *батк.* айдоо; *буйеттин бээри эгиш жэй богон.*

ЭГИШКЕК *батк.* эгишчээк; *эгишкек–эгишкек, энди келди келишкек.*

ЭГӨӨ *жерг.* өгөө; *эгөwдүн: жалпак эгөw, кырдуw эгөw, уч бурч эгөw, төрт кырдуw эгөw, мейин эгөw, бодур эгөw деген түрлөрү бар;* **таарыткыч эгөw** *жерг.* өгөөнүн бир түрү; *кырдуw эгөw, таарыткыч эгөw, тоголок эгөwдү көрсөтүң.*

ЭГӨWЛӨ *өзг., батк.* 1. өгөөлө; *балтаны эгөwлөвөсө курчучу беде?*; 2. *жерг.* бирөөнү тилге киргизип көндүрүү; *бир бәләә кылып эгөwлө.*

ЭГӨWҮЧ *ичк.* өгөөч; *мурдуда ысы жок немеви, эгөwүчтү билвей?!*

ӘЙЛӘДИ *өзг.* саканы алчы кондуруп ойногон түрү; *Жалпак–Таш, Алга, Йассы тарапта әйләди ойну бар.*

ӘЙЛӘМӘ *ал., эск.* 1. илгерки чеп – коргондордун (кароолдор турсун үчүн) бурч – бурчтарына ич жагынан салынган конус түрүндөгү бөлүгү; *датка жасоwлу менен әйләмәгә чыга качкан эке;* 2 *батк.* койдун мойнуна байлоо үчүн атайын даярдалган жыгач; *базардан әйләмә алып келдим.*

ӘЙЛҮК: әйлүк–әйлүк *ал.* баланы ээликтегенде айтылуучу сөз; *әйлүк–әйлүк деп жатканын карасаң онун.*

ӘЙНЕКЕР *зам.* терезе; *әйнекер шамалга ачылып кетти.*

ӘЙНИ *батк.* окшош, кудум; *Дүйшөн әйни аташ эде.*

ӘЙСАЛ: әйсәл–пәйсәл *өзг.* а – бу дегиче; *әйсәл–пәйсәлгә келтирвей жыгытып койду.*

ӘЙСӘТПӘСӘ *батк.* болсо болбосо; *әйсәтпәсә ол бәәри бир келе турган адам.*

ӘЙТКҮШ *өзг.* бирөөнү тыйып токтотууда айтылуучу сырдык сөз; *әйткүш десе, тырчыва.*

ӘЙТӨWҮР *зам.* айтор; *селерди билвейм, мен әйтөwүр барам.*

ӘЙТҮWЧҮ *жерг.* сөзмөр; *әйтүwчүгө ат берип әйттирип алам жөнөкөй.*

ӘКӘЛМӘС *батк.* өзүнө тиешелүү нерсени өзү өндүрүп ала албагандык; *әкәлмәс адам бовосун.*

ӘКӘПҮКӘ *батк.* элеп – желеп; *әкәпүкә болуп безәвитә боп турам.*

ӘКӘЧИЛ *батк.* агачыл, абачыл; *мәшә чыкса, ол әкәчил жүгүрөр.*

ӘКӘШ *батк.* кандайдыр бир мактанып, өзүн көтөргөндө колдонулуучу сөз; *этәрәвин бек кыган әкәш.*

ӘКИЗӘ *алб.* кол тийбес, ыйык; *ол шунчә әкизә болуп кетти.*

ӘКИЛДӘ *базк.* күйүгүү, демигүү; *Арсланбоптун тоосунун үстүгө чыккыча әкилдәп калдым.*

ӘКИМ ШАПАЛАК *батк.* өрүктүн өнү саргыч, мөмөсү чоң, жылмакай, ширелүү келген түрү; *әдеп алтындан кымбат, адеп эле әким шапалакты үзө берве.*

ӘКИМТӘРӘШӘ *батк.* бышык, чыйрак, катуу; *әкимтәрәшәгә әйтип уwлу жоктун буwну жок деп.*

ӘКИС: бир көр әкис, бир кәр әкис *пам.* кимдир бирөөнү кыйыктаганда айтылуучу туюнтма.

ӘКИСТҮW *жерг., батк., лейл.* чырдуу; *әкистүw неме көмүрдү тез жеткизбес.*

ӘККӘЛӘ *батк.* сороктоо; *аткан ок кийиктин сол путуга тийип әккәләп качты.*

ӘККӘЛӘК *зам.* тоңкочук; *towдон жүгүрүп келатып, әккәләк ашып гулап кетдим.*

ӘКСӘР *батк.* таасир эткендик; *күндүн аптавы әксәр кылып, башым зыңылдады.*

ӘКСИНЧӘ *зам.* тескерисинче; *әйткән гәпти әксинчә кыла берве хәр дәйим.*

ӘКСИР *зам.* чүчкүр; *жазуwчу Чеховдун биттә китәвидәги киши әксирип өлүп каган экен.*

ӘЛ I: алиңә карап әл тарт, калтаңа карап ун тарт *жерг.* мүмкүнчүлүккө карап иш жасоо жөнүндөгү туюнтма.

ӘЛ II: әл пәйсә *ал.* бир жарым кг өлчөмүндөгү салмак; *о аганың әл пәйсә чыгавы?*

ӘЛӘ: әлә десә бәлә дейт *зам.* бээ десе төө дейт деген маанидеги туюнтма.

ӘЛӘӘМӘТГӘРЧИЛИК *батк.* алааматчылык; *илгери көп әләәмәтгәрчилик боп өткөн.*

ӘЛӘЛӘӘТ *чатк.* алаамат; *бәшәрти әләләәт деве.*

ӘЛӘМ ◊ *зам. сәләм дә карыз, әләм дә карыз.*

ӘЛӘН *батк.* таза, адал; *ашың әлән болсо көчөдө ич.*

ӘЛӘПӘ *пам.* канаты ала – була келген канаттуунун аты; – *сен кандай, чапаның әләпәдәй болуп?*

ӘЛӘПӘЛӘ *батк.* ана – мына; *әләпәләңә караваймын, гә күндүн курваны бол, гә күндү кувалап ур.*

ӘЛВӘЧИ *батк.* "алба" аттуу жемиш өсүмдүгүн багып өстүргөн киши; *әлвәчинин тешесидей шәшкәндә ләппәй тавылвайт.*

ӘЛДӘТОWУР: ◊ **әлдәтowур болуп** алапайды таппай шашкалактоо; *шектүw секирет болуп, шунун жоготкону чын экен, мен әйткәндә әлдәтowур болуп кетти.*

ӘЛЖӘ: әлжә–гүлжә *пам.* быт – чыт; бырын – чырын; *эшикти әлжә–гүлжә кылып кирген дейт.*

ӘЛИ *пам.* баягыда, өткөндө; *оо, әли биз Дүңкүлдөккө баргандачы, айавай борошо болгон.*

ӘЛИЙНӘ *батк.* алдуураак; *арзанчылык болуп әл әлийнә жәшәп турган увак.*

ӘЛИМ I *батк.* эзилте бышырылган; *гөштү әлим кылып пышырыпсыңар.*

ӘЛИМ II: әлим карагач *батк.* ак чардак; *дәрийәдә әлим карагач көвөйүп кетиптир.*

ӘЛИПТӘ *жерг.* таза; *әттәң бир ашык болуппун, әлиптә сындуw бойуңа.*

ӘЛИПТӘҢ *батк.* байкуш; *бәчәрә эжем жүдә әлиптәң боп каптыр.*

ӘЛИТУРУП *батк.* бирде; *әлитуруп мәкәсини сугартат, әлитуруп өрүгүнү кактырат.*

ӘЛИШ *жерг.* алмашкандык, ооштургандык; *бул фартугиңди әлиш кылып ке.*

ӘЛКЫСАС *ал.* жамандык, карасанатайлык; *бирөwтө әлкысас кыва, өз башыңа келет.*

ӘЛЛӘ I *батк.* 1. балык бышырганда кайчылаштырылып коюлган ичке жыгач же темир; *балыкты әлләгә пышырсаң мәззә болот дә*; 2. чикит ойнунда эне таяктын уч жагына "бәллек" коюп чабуучу бет жери; *чикилдәктин әлләсини жакшылап жаса,*

ӘЛЛӘ II *батк.* жакшы, дурус, ийги; *ишти кылсаң әллә кы, ак шәйидәй сәллә кы.*

ӘЛЛӘЙ *батк.* эми төрөлгөн бөбөк; *кувурчакты әлләй кылып ойной берет.*

ӘЛЛӘКИМ *лейл.* илегилек; *саар кетет әлләким, кечинде келет әлләким түрдүw түмөн нерсени түйүп келет әлләким* (таб. кой).

ӘЛЛӘМКАШ *батк.* кызганчаак; *ол әлләмкәшти кара, тәззә өңгүл–дөңгүл гәп урат.*

ӘЛЛӘТӨWҮР *зам.* бир кызыктай; *досумдун хал кейпини көрүп, әлләтөwүр болуп кеттим.*

ӘЛОW *зам.* 1. эң жакшы, сапаттуу; *әллә кайерден кеген әлоw киши*; 2. *батк.* олбур; *алатогонек жылкычы чымчыктан сәәл әлоwурәәк экен.*

ӘЛӨНӘ *ал.* бүткөн, эсептүү; *бул ишти бүгүн әлөнә кылып сал.*

ӘЛПӘЗ *пам.* бекем убада сөз;

бача, әлпәзиң кеткен, әнди бервей көрчү; **нә әлпәз** *батк.* кандай абал; *ол нә әлпәздә жүрөт экен?*

ӘЛЧИДИ *өзг.* чүкө ойнунда саканы алчы кондуруп ойногон түрү; *әлчиди ойнунда канча бала ойнойт?*

ӘМӘЛДӘР *өзг., ар.* өнөрлүү; *баканды чырайлык жасаган әмәлдәр адам.*

ӘМӘЛПОЗ *өзг., ар.* өнөрпоз; *ашык-машыгыңды әмәлпозго оңдотуп алың.*

ӘМӘЛЧИЛ *өзг., ар.* өнөрчүл; *ол әмәлчиливиз пайтавасыны жыртып отурат.*

ӘМБӘР *зам.* келин – кыздар башына салынуучу жоолуктун түрү; *кыздар кәстүйүм, желек кийишет, капрон, әмбәр салынышат.*

ӘМБИР: басма әмбир *батк.* бир жак учунда мык суургуч кыскычы бар куралдын аты; *басма әмбирди алып берчи, манаву мыкты сүүрүп тәштәйин.*

ӘМЕНДЕС *батк.* коңшу; *биздин әмендес адамгерчиликтүү.*

ӘМИН *жерг.* мына бул, ушул; *ана әмин иш жүдә жакшы болду.*

ӘММӘ *батк.* дайыма; *әммә вак кәлхоздун малы өтөктөрдө кыштатылат.*

ӘНӘН *зам.* салт; *әнәнәдә жок ишти кывагъыла.*

ӘНДӘ *батк.* эмнеси болсо да, белгисиз; ◊ **әндә аравасы кырга жүрдү** *иши оңго келди.*

ӘНДӘЗӘ *батк.* үлгү; *көйнөктү әндәзәгә салып пыч.*

ӘНДӘШӘ 1. макулдук; *жәмән өз айагы менен жок болот, жакшы өз айагы менен токтолот дешке әндәшә кылдылар*; 2. шылтоо; *әндәшәңди әйтип жүрө беревисиң?*

ӘНДЕК *лейл.* кийинчерээк; *мынча шашасың, әндек барсаң да жетесиң.*

ӘНДЕП *батк.* түзүк, дурус, эп; *мундан кийин әндеп кылып сүйлөң.*

ӘНДЕШЕЛЕШ *зам.* 1. сүйлөшүү, кобурашуу; *экөүнүң жүдә әндешилешиңер*; 2. ажылдашуу; *өзүңнөн кәттә киши менен әндешелешпе, уйат болот.*

ӘНДИШӘ *зам.* уят – сыйыт; *адамда азыраак әндишә болуш керек дә, бовосо өлүм эмеспи.*

ӘНЖИМ: ◊ **ат тапкыча – әнжим тап, пул тапкыча – эсеп тап** *жерг.* ар иштин жөнүн бил деген мааниде айтылуучу туюнтма.

ӘНЖИРГАК *батк.* анжирдин мөмөсү абдан ширелүү болуп турган кезде үзүп алып кургатып койгондогусу; *әнжиргакты көрсөтүп койуң.*

ӘНЗИРӘТ *батк.* табылбаган нерсе; *гүрүч әнзирәт эле болуп кагамбы?*

ӘННӘР *батк.* себилген аянт; *жардамчылар кайсы әннәрдә мәкә жыйып жәтәт?*

ӘҢГӘЛ: әңгәл-дәңгәл *батк.* тымтыракай, чаң тополоң; *мен барсам онун әңгәл-дәңгәли чыгат дейт.*

ӘҢГИЛӘ: әңгилә-шәңгилә *суз.* артынып – үртүнгөн буюм; *эки сапар әңгилә-шәңгилә кылып ойокко бардык.*

ӘҢГИРӘ *пам.* далдыроо; *әңгирәп кал ай!, бир да бүрөүү кой деп койо әлвәдиңәрви?– деп, хапа болдулар.*

ӘҢГИШ *батк.* гильза; *мылтыктын әңгиши шишип, чыкпай кыйнады.*

ӘҢКӘСТЭ *батк.* кайпалактоо; *бизге каравай әңкәстәп кетип калды.*

ӘҢКИ: әңки-тәңки *батк.* жүдөө тарткандык; *олор йам жолдо әңки-тәңки боп келе жататтар.*

ӘПИЗЕК *батк.* секелек, эч шайкелеңи жок; *колуң күйсө, кулагъыңды карма, әпизек.*

ӘПИЗЕКТИК *батк.* секелектик, шайкелеңсиздик; *әпизектигиң качан калат, кишини күйдүрдүң го, сен!*

ӘПКӘЧ *жерг.* тегирмендин же арыктын суу тоскучу; *әпкәч жыгачтан да, темирден да болот.*

ӘПТИ I *алб.* негизги сүйлөмгө себеп багыныңкы сүйлөмдү байланыштыра турган байламта; *кәмбәйиндәр келатыры, әпти пастагы эгинди чапып бүткөн го?*

ӘПТИ II: әпти–пәшәнә *батк.* 1. маңдай; чеке; *сенин кыган ишиңе адамнын әпти–пәшәнөси ылыйт;* 2. кебете; *шо әпти–пәшәнәси бузук базарыны өзү кылсын, тегирмени өзү тартсын* (тим койгула, бир аз убара тартып көрсүн).

ӘПЧӘРМӘН *батк.* "лөтөпөрмөн" деген оюнда колдонулуучу сөз; *әпчәпәрмән, бир паттада канчадан?*

ӘПШӘМБӘ *батк.* таш жалак калгандыкты туюндуруучу сөз; *берген пулуңду ала авасаң әпшәмбә болосуң дә.*

ӘПШИРӘҢДӘ *батк.* чекчеңде, элеңде, ары – бери алакта; *әпширәңдәвәй тынч олтур.*

ӘРӘСӘРТ *ноок.* ара чоло; *әрәсәрттә кавайын деп келе бердим.*

ӘРДӘМ *батк.* ойку – кайкы, оома; *– әә, әрдәм кыйал пулуң болсо берчи?; –әә, онун аты – Абдыкерим* ("оңой менен боло койбойт" деген маанидеги туюнтма).

ӘРЗӘВӘС *батк.* максат, тилек; *жакшы үй салам деген әрзәвәсим бар.*

ӘРЗӘНГӘРЧИЛИК *батк.* арзанчылык; *эл жыргап әрзәнгәрчилик боло берет.*

ӘРЗИМӘТ *батк.* сөзүнө, убадасына бекем турган адам; *әрзимәт деп гәвинин өйдөсүдө турган адамны әйтәттәр.*

ӘРИП *ал.* шылтоо; *жүдә жәмән әриви күч неме экен.*

ӘРИПКӘШТӘН *ал.* шылтоо табуу, зерикчээлдик кылуу; *сен әрипкәштәнбәй ле товго барып кел.*

ӘРИПТӘШ *лейл., жерг.* амалы, ыгы окшош, бирдей; *орул койгону йәм әриптәш.*

ӘРИПТҮҮ *лейл., жерг.* амалчыл, ыкчыл; *оwкаттан да әриптүүлүк кылсам дейт.*

ӘРЛИ *жерг.* жуула элек таза; *әрли түрлү кийинип, алты күндүк айга окшойт.*

ӘРМӘӘНИ *зам.* туруксуз; *ол әнчә әрмәәни экен.*

ӘРРӘ *батк.* балдар эки топко бөлүнүп, өз ара ат жашырышып, аны таап ойногон оюндун аты; *әррәдә кимдир мурун тапса, шолор жеңилген жакты минеттер.*

ӘРРҮЗӘ *жерг.* күнүгө, күн сайын; *әррүзә бекер адам – мевәсиз дарак дей беревисиз.*

ӘСИЛ *суз.* арык; *әсип болуп, сөwөгү чыгып чилдәшәр болуп кетти.*

ӘСИПБОЗ *жерг.* атка ышкыбоз; *Тажидин ава шунча әсипбоз экен.*

ӘСИР *зам.* кылым; *онон бери нечи әсир өттү.*

ӘСИРДӘШ *лейл.* замандаш; *менин әсирдәштәримдин көвү айакта.*

ӘСКӘРИ *жерг.* аскерлик; *сизде әскери кийим барвы?*

ӘСКӘРХАНА *жерг.* казарма; *бир әскәрханага жүз эликтен жатат эдек.*

ӘСКИЙӘБӘЗ *лейл.* шылдыңчыл, тамашачыл; *Бавырәйим жүдә йәм әскийәбәз экен, эч зериктирведи.*

ӘСКИЙӘЛҮҮ *жерг.* тамашалуу; *баласыга бут орow жасап жатып жүдә әскийәлүү гәп урду.*

ӘСРЕТТЕШ *ал.* пикирлешүү, макулдашуу; *Әлиймә менен әйәвәй әсреттешти.*

ӘСТӘҢ *ал.* жай; *ийә, агыры әстәң каткыр!*

ӘТӘ *ал.* кичине баланы эркелете кайрылганда колдонулуучу сөз; *әтә, ол ойнуңду койчу?! әтә, кел! кел,*

әтә, ийләвә, жакшы көрөм сени, әтә!

ӘТИҢЕЙ *жерг.* каап (сырдык сөз); *әтиңей, эшсиз балам, азап тарттың беке?*

ӘТТӘРЧИ: ◊ **пәйшәмбинин базарыдагы әттәрчидәй болуп** *батк.* жөнү жок жан талашып.

ӘФКӘР *жерг.* капа, кайгы; *кой, көп әфкәр кывачы, мен өзүм дә кысылып турам.*

ӘФСИС *лейл.* тилекке каршы; *шаарга барайын дедим эде, әфсис жамгыр жаады.*

ӘХӘН *жерг.* темир – тезек; *шу әхәндәрди нар жака ыргытып жүгөр.*

ӘХӘНГӘР *жерг.* темирчи; *әхәнгәр жавобгәргә кайрылат.*

ӘШӘМ: әшәм–дәшәм *батк.* кыбыр – сыбыр этип түйшөлө бергендик; *сенин әшәм–дәшәмиң эле көп.*

ӘШӘМДӘНТ *жерг., лейл.* асемдентүү; *тәнәпис вактысыда әшәмдәнтип жүгөрдүлөр.*

ӘШӘМДИК *жерг., лейл.* асемдик; *әшәмдигиңди койуп, ушалаган аш жасап жүгөрчү.*

ӘШӘМДҮW *жерг., лейл.* асемдүү; *чәвлини әшәмдүw кылып жасап отурат.*

ӘШИРӘШИ *батк.* палоо, аш жасоонун бир түрү; *әширәша жасавай кар издесең – Газга бар, тавылваса – Тазга бар, онон нары – Дара бар, бәрчә журтка бәрәвәр.*

ӘШКӘЛ: әшкәл–дәшкәл *зам.* көрөн – шөрөн; майда – чүйдө; *әшкәл–дәшкәлиңди жийчи, балам.*

ӘШПӘТИ *суз.* ашкан суу куйду тентек; *о әшпәтиң ит алачыгы дегениңди* (илгери аябай кедей болгон деген маанидеги сөз) *билбес ов.*

ӘШТИ: әшти тыт *батк.* тыттын мөмөсү чоң чаар ала келип, даамдуу болгон түрү; *әшти тыттын тәгидәги чалканды оруп келиң! – ону не кыласыз? –дәми бүwлуп, өпкөсүгө сүwүк өтсө, кайнатып дәри кылып, сүwүн ичиревиз.*

– Б –

БААЛАНЧААК *түнд.* баалана берме; *бааланчаак болсо, шалп этме – экчемеден калтырбай эле койчу.*

БААЛДА *акт.* бакылдоо; *Бекташ алаксып баалдап кеп уруп келатат.*

БААМЧЫЛ *түнд.* баам кыла берме; *энекенай тигил баамчыл кыз экен, аа эмне дейсиз?*

БААР *акт.* көңүл, кабар, чер; *баары жазылып бавырап кепке кирди.*

БААТ I *жерг.* кийинчерээк; *биздин үйгө баат майда шагыл апкелип беревисиң?*

БААТ II *акт., сейр.* байламта сөз; *жакшыны жакшы билет сымбатын, жаманды кайдан билсин арсан баат кымбатын.*

БААШ: ◊ **баашы–бааш болуw** *пам.* башы айлануу; *жакшы эле бала эде, кийин баашы–баашы болуп калды;* **баашы–көзү базгандай, жерден каазып алгандай** эби – сыны жок; *баашы–көзү базгандай, жерден каазып алгандай бүрөw үйүгө кирип келди;* **баашы оwур** токтоо, акыл – эстүү (кызга карата айтылат); *онун кызы кыйын баашы оwур кыз болупту;* **баашы оwур төтөл** маңыз; *баашы оwур төтөлгө каган экеммин, бир сөзгө түшүнбөй сүйлөйт эле сүйлөйт;* **баашыга урвады** көзгө илбеди, садага да кылбады; *манавуңардды баашыма урвайм деп, ыргып туруп, чәчини жәйип, кошук кошуп ырга кирди;* **баашыдан калсын** *жерг.* кереги жок деген мааниде айтылуучу туюнтма; *онун берген буйуму баашыдан калсын, эртеге ле йәнә сурап келет;* **кулан баашыга иш түшсө, куйругуга сыр әйтпәс** *жерг.* чочуп, коркуп калган киши сырга өтө сак болот деген маанидеги туюнтма.

БАВАЙКАКТЫ *пам.* илгерки, байыркы; *качанга бавайкактыдагыны әйтип баашымды оwрутпа, бача;* ◊ **бавайкактын как башы** (картайган карт адам. Мунун: "кырк жолдун кыйырыны, тогуз жолдун тоомуну баскан хәдимки как баш; жәшини жәшәп, ашыны ашаган" деген синонимдери бар).

БАВЫЛГАН *ал.* оолукма, ала өпкө; *биздин айылда чийинден чыккан бавылган жок.*

БАВРАЙ *жумг.* бакыраюу; *соо көзү бавырайып чекир.*

БАГААК *ал.* баганаак; *багаак төлчүлөр менен толуктайлы.*

БАГАГАНЧ *алб.* багаанак; *ой–ий, бака балчак сuwдан чыгыптыр, багаганч немеге тийсе, багып алар беле?*

БАГАНА *жерг.* туулганына үч – төрт күн болгон козу; *багананын терисини зор көрөт.*

БАГАНАЛУУ *түп.* баасы кымбат асылдуу; *малга мал, майга май кошкон баганалуу жер тура.*

БАГАНЕК *жерг.* сөөгү ката элек козунун бор чүкөсү; *бу ашыгың әли баганек экен.*

БАГЫНОО *тторо.* багынып баш ийгендик; *ай–жылдыз мага багыноо кылып жаткан экен дейт.*

БАГЫНЧААК *түнд.* багына берме; *көлөкө самсыган кезде байагы багынчаакка жолуккам.*

БАГЫШКАК *ал.* багып жүрө берме; *багышкак киши эмеспи, аган төлгө жакшы көңүл бөлөт.*

БАДӨӨЛӨТ *түшт.* жыргалчылык; *бадөөлөт кезде ар бир үй–бүлө көңүлү сүйгөн тамакты жасайт.*

БАДРАҢДУУ *чүй.* данектүү; *бадраңдуу бала экен, ат тырмоокко минсе болмок.*

БАДУВАЙМАЧЫЛ *лейл.*

убайымчыл; *бадуваймачыл арасатта калды.*

БАДЫГЕР *чүй.* бардар; *бар – бадыгер кылсынчы.*

БАДЫМДУУ *кочк.* жугумдуу; *баштан өткөн бадымдуу эмгек эмеспи.*

БАДЫРА *ал.* сынуу, талкалануу; *бадыраса бадырасын деп анан айдады.*

БАЖААЛ *лейл.* ачуулуу; *дарманы болбосо йам бажаал.*

БАЖАРДЫ *жетг.* колунан иш келген; *бажардынын бир байдасы тийбейви элиңе эки таалай төп болсо.*

БАЖЫ *ыск., чүй.* маңыз сүйлөөк; *бажы неме өткөрдүңбү? – деп түрсөсүнөн эле сурай берди.*

БАЗАРАЧАР *кем.* мыкты мал.

БАЗГАВА *жерг.* кирдин бир сыйра жуулгандан кийинки суусу; *чарчыкты шул базгавага жува койсунбу?*

БАЗГАНБАШ *пам.* чоң баш; *базганбаш адам эде.*

БАЗМАГАЙ *пам.* чоң баш; *эй, бача, сен ону базмагай деве.*

БАЗМАЙТ *пам.* килейтүү; *башыңды базмайтпай нары турчу.*

БАЗЫЛДАТ *ноок.* үстөккө – босток күчөтүү, арылдатуу, зуулдатуу; *мәшинәнин гәзини базылдатып кирди.*

БАЙ I *жерг.* 1. сыр; *бай – бербе, сыр кылва*; 2. *тторо.* ниет кылгандык; *жок кылмайдын байы болуп калды.*

БАЙ II *тторо.* баланын каз – каз тургандыгы; *бай турду – тик турду, бай турду – тик турду, айланайын!*

БАЙАК *тал.* жалпак, жайпак, тейтек; *анын байак ээрин карасаң.*

БАЙАКТУW *ал.* адымдуу; *басса байактуw, барчын тайактуw, жүгүрсө жетпеген жүгөн айактуw* (таб. шамал).

БАЙАН: байан күлүк *чүй.* күлүкүн алыска чуркаган мыктысы; *байан күлүктүн кулагына топчу эн салынган дешет.*

БАЙАҢКЫ *алб.* баягы; *байаңкы иш кандай болду?*

БАЙБАРАК *жжол.* жергиликтүү иттин жүндүү келген, өзү чоң болгон бир түрү; *өкүрөңдөп келаткан байбарак эмнегедир ойт берди.*

БАЙБЕЛЕК: ◊ байбелегим – ашыгым, бәйбәй менин жаштыгым *пам.* өкүнгөндө айтылуучу туюнтма.

БАЙГЕКАНА *жжол.* байге жыйылып коюлган орун, жай; *байгеканага кирип кетип эле жок та?!*

БАЙДАЛ *тторо.* киреше, пайда; *сүткө берсе, байдал болгон да.*

БАЙДАМ *тторо.* талдын жыш коюу чыкканы; *жанында кучак жеткис байдам тал.*

БАЙКАНААК *түп.* бат байкагыч; *алдыгы байканаагың күкүмдү байкай койду.*

БАЙЛАК *алб.* байланып коюлган; *олордун ити байлак.*

БАЙЛАМТА *тторо.* кисеге байланган чагарактын канжыгасы; *отуз байламта кисеге тегиз байланат.*

БАЙЛАЧЫК *чүй.* үстүнкү эриндин буйлачыктан ылдый карай түшкөн чуңкурчасынын этек жагы; *муруттун байлачыгы, жаактын эргинөрү.*

БАЙЛОW: камыш байлow *өзг.* үйдүн чатырына байланган кайыш; *кайракы камыштан камыш байлow кылса болову?*

БАЙЛООЧ *чүй.* 1. буугуч; *тырталаң – тырталаң этпей байлоочту таап берчи*; 2. байлоодогу жылкы; *байлооч жылкымдын буту топчу болуптур.*

БАЙЛЫКТА *карс.* боолоо; *саарлап туруп чөп байлыктачы.*

БАЙМАК I *тторо.* бекем, чың, жандыргыс; *оо, таксыр, оозуңуз баймак, бул оор маселе айтышка.*

БАЙМАК II *базк.* тантык, келжирек; *байдын уулу баймак.*

БАЙМАҢДА *базк.* келжирөө, тантыроо; *оролу келсе орок орвойт, кезеги келсе кетмен чаппады деп баймаңдады.*

БАЙМАТТА *өзг.* жолду тозуу, жолдон чыгаруу, багытка каршы чыгуу, кедерги болуу, тушоо; *мени байматтай бербечи же мен барбай койойунбу?!*

БАЙПАЙТ *алк.* жайкалтуу; *сакалдарын байпайтып, мүйүздөрүн кайкайтып.*

БАЙСАЛА *чатк.* бир айтканды кайра – кайра кайталап айтуу, сүйлөө; *байсалап гэп урва.*

БАЙТ: байт–байт *жумг.* бир нерсенин дырылдап бөлүнүп айрылганын, чачырап кеткенин туюндурган сөз; *байт–байт этип айрылса, ээ?*

БАЙТАКТУW *тал.* кең жайыктуу; *байтактуw өзөн талаасы бар.*

БАЙЧЕ *чүй.* жалпы эле улуу аялга карата эже деген мааниде айтылуучу сөз; *байче, он эки чыкта кылчу элек ээ?*

БАЙЧОРО *алк.* бутту, шыйракты орой турган энсиз нерсе; *байчоро менен байтаманы өтүктүн ичине салып койгон элем.*

БАЙЫМ *тыньш.* чыгаан; *байым–байым бап экен, бар түлүгү шап экен.*

БАЙЫС *тал.* тыным; *ошо бүтүрөр, байыс алалычы.*

БАКА: хеч бака *зам.* эч нерсе; *менин эйткэнимди бир мэртэ кылсаң хеч бака бовойу.*

БАКАВАДЫН *батк.* өтө эле жогору билгичсингендик; *ол бакавадындан сүйлөйт.*

БАКАТАЙДЫ *батк.* жыпжылмакай; *арыкты бакатайды кылып чаапсың.*

БАКАШ *чүй.* өзүн – өзү мактап төш урган; *чык, кет, оо ит болгон атаңдын гөрү деп чыкты, тиги бакашың.*

БАКТЫ *чүй.* чыгаан мыкты; *баатыр кашка – эр кашка, бакты кашка – көй кашка эч нерседен коркпогон.*

БАКЫЛДООР *пам.* бакалоор; *балыктын бакылдоорун алып эле таштайт.*

БАКЫЛЫ *жерг.* фасоль; *бизде лубийә, пырчак, бакылы, кәди эгилет.*

БАКЫРТМА: элик бакыртма *чүй.* кымыздын чаңырып ачуу болуп калгандагысы; *ачытуу жайын билбесе, элик бакыртма кылып койор бекен кымызды.*

БАЛАЙЫМ *батк.* балакайым; *балайым, эрке сулуw Кәримәм!*

БАЛАК *алб.* соку билек; *сокуга салып балак менен кечке жанчат.*

БАЛАКАШ *чүй.* балакай; *балакаштын ар качан колу да, үстүндөгү кийми да таса.*

БАЛАКТА *чүй.* ээ – жаа бербей ыйлоо; *көзүңдүн чыгы кургагыча балактай бересиңби?*

БАЛАТАЙ *батк.* кичине жаш бала; *ол балатай жаштык кылат.*

БАЛАЧЫК *тал.* балакай; *менин бийлигим сенде эмес, балачык.*

БАЛАШ *пам.* балакай; *балаш, келдиңби? – деп, жэш балага кайрылды.*

БАЛВУЛ *ноок.* бир аз татыр – татымаксан; *балвул туз салып аз–аз аралаштыр.*

БАЛГЫН *ыск.* апакай, болук көкүрөк, төштүн көрүнүшү; *олоң чачың кызыл сивитериңден арта салынып, балгын төшүң күнгө чагылып...*

БАЛДАР *жерг.* эт тартылган кезде төрдөгү улуу адам тарабынан эт бөлүштүргөн жаш жигитке же өзүнүн жакынына (көбүнчө жаш балага)

берилген үзүм эт, устукан; *бизде улуwу балдар кылып берет.*

БАЛЕК I *чүй.* бышпаган коон; *чывырткы камчы менен көк балекти түртүп койду.*

БАЛЕК II *алк.* үбөлүк; *аш жайайын деп балекти таппай койдум.*

БАЛЕРИК *жетг.* мурунку өткөндөрдөн үлгү алып өрнөк бергендик; *агай, сиз бизге балериксиз.*

БАЛЖУУРАН *чүй.* ышкындын отко бышкан билеги; *балжуурандан жок, тытакайга калвайын.*

БАЛЖУУРАТ *ыск.* агыш кызыл тарамдуу келишкен өң; *балжуурат иреңи ого бетер тамылжып, ууртунун чуңкурчасында күлкү ойноп турду.*

БАЛПАКЕ *чүй.* кең пейил; *кайнене көңүлүн сыйлаган чыдарман, балпаке.*

БАЛТАК: балтак–шалтак *чүй.* кир–сир жүргөндүк; *байчегирди туурга кондуруп атып балтак–шалтак болуптур.*

БАЛТЫРГАНСАЙ *атб.* дары катары эсептелген өсүмдүктүн аты; *балтыргансай, сарыгайсар, мамыры, көкөмеренди дары болот дешет ко.*

БАЛЧЫК: бака балчык *тал.* топ таш ойнундагы он бешинчи илик; *карыз бермейден кийин бака балчык.*

БАЛЫШ *лейл.* камыры жумшак жуурулуп, чарчылап кесилип, аралыгына тууралып эзилген эт, пияз ж.б. салынып жасалган эки кат токоч; *тайар балыш болсо, бере салың, жеп алалы.*

БАМЫРЧАК *тал.* балага ачууланганда айтылуучу сөз; *бала бамырчак калсын! – деп, уста колун шилтеди.*

БАП *пам.* калакай; *ой–бой, эне, тандыр бап, жалгыз балаң кайдан тап* (бул комуз күүсүнүн аты. Мында душмандар ата–эненин жалгыз баласын кармап алып, буту–колун байлап, күйүп жаткан тандырга ыргытып ийген кайгы жөнүндөгү окуя баяндалат).

БАПА *алк.* ысык деген мааниде жаш балага карата айтылуучу сырдык сөз; *– уфф, бапа экен, анан муздаганда же.*

БАПАДАР *зам.* чын берилген, туура иш кылган, түз мамиле жасаган; *сен бападарсың, шонон жүзүм жарык.*

БАПАК: аш ичкиче бапак жок *алк.* дайыма эле бирдемени бат жоготуп жибергенде айтылуучу лакап сөз.

БАПАЛАҢДА *ыск.* төгүлүп–чачылып кубануу, сүйүнүү; *балкы ичиңиң кийинчи, бапалаңдап сүйүнчү.*

БАПЕСЕ *ыск.* үйрүлүп түшүп аярдагандык; *бапесе кылган баласына "ай, токтот!" – деп, кучак жайа чуркады.*

БАПЕСЕЛЕ *ыск.* бапестөө; *бапеселеп бирден тартып өстүргөн.*

БАПУРЖА *батк.* шашылбай, шашпастан; *мен барып келейин, селер бапуржа отура тургула.*

БАПЫР: бапыр–шапыр *базк.* опур–топур; *бүгүнкү бапыр–шапырга курсан.*

БАРААЛДА *жерг., лейл.* оңтойлоо; *беттешүдөн мурда күрөштүн әмәлин ойлоп бараалдайт.*

БАРААЛДУW *жерг., лейл.* оңтойлуу; *бараалдууw учур болсо, пакат сатып жүгөрөт.*

БАРАГАНЧ *алб.* бараанак; *ашаткы жыттанган үйгө бараганч эмесмин.*

БАРАГҮW *жерг.* ташты ылдый карай кулатып ойногон оюн; *барагүw ойнойт эделер о кезде.*

БАРАДА *зам.* жөнүндө; *бул барада мен әйттим аган.*

БАРАЗМАН *ноок.* болор–болбос; *кургак баразман сөздөрдөн кайталаваң.*

БАРАК *алб.* көзөнөгү чоң–чоң

келген калбыр; *барак таап келейинчи дан тазалашка.*

БАРАКТА *кочк.* бакылдоо, күчөп сүйлөө, опурулуп – жапырылуу; *сөз бербей төшүн ачып салып баракгады.*

БАРАЛА: барала шейит *лейл.* мылтык менен кокусунан өзү атылып өлгөн адам; *көлгө келип барала шейит болуптур.*

БАРАҢ I *батк.* болор – болбос, эптеп – септеп; *ыраңы бараң ле кириптир.*

БАРАҢ II: ороң–бараң *кочк.* ороң – ороң; *атүгүл сенде да бар деди ороң–бараң.*

БЫРБЫЙА *жетг.* муңкангандык; *үнүм жетпей айавай барбыйа болдум.*

БАРГАНЫЧА *зам.* барганга чейин; *бар–бар–бар атым, барганыча жорго атым, ажырык көрсө тиштевейт, жылкы көрсө кишиневейт* (таб. агын суу, дайра).

БАРГЫ *кочк.* бурулдоо; *түтүн баргып, кишилер кужу–кужу, кыраан каткы, күлкү.*

БАРДАН *өзг.* жерге кийиз сымал кылып салуу үчүн камыштан тизилип, чырмалып жасалган жер төшөгүч; *бардан жасап, малчыга бериптир.*

БАРДАМДЫК *тал.* жетишкендик, колдо болгондук, бардык, кеңирилик; *турмуш жыргал, кенен, бардамдык күч.*

БАРДАМЧЫЛЫК *тал.* молчулук, токчулук, барчылык; *бардамчылыктын сыноwу да көп түшөт.*

БАРЖАЙ: ак баржай *ал.* бозонун угуту үстүнө үй тигип, көбүктөп, жумшак чыккандагысы; *ак баржай, ичип алып дардай.*

БАРЖАК: ак баржак *түнд., терг.* чечек оорусу; *ак баржак коросондун баласыдыр* (илгери чечек оорусунун жогорку сөздөн башка да, "күлапса, үй – шивар, чоң жарыктык, байаган, олуйа, апакай, барсылдак" деп да тергешкен. Азыр бул тергөөлөр эскирген).

БАРК: барк–барк *жерг.* жарк – журк; *кечээ ашарда сәддә кәттә жаштар барк–барк эте иштеди йу.*

БАРКЫЛДА *жерг.* жаркылдоо; *өпкөгө сүт менен май куйуп баркылдап күлдү.*

БАРКЫЛДАК *жерг.* жаркылдак; *серкевай эригенде баркылдак.*

БАРКЫЛДАТ *жерг.* жаркылдатуу; *загара нан көңүлүңдү баркылдатпас.*

БАРКЫРАК *жерг.* жаркырак; *айагыны жуwса баркырак кылып жуwат.*

БАРКЫТ *жерг.* жаркыратуу; *чаваты пышырып бизди бир баркытчы, жеңе.*

БАРМАКБАШ *зам.* бармак; *бармакбаш – колдун жогон пәнжәси.*

БАРМАНА *чүй.* үзүр, натыйжа; *мына, жаңы сатсийалисттик өнүгүүнүн барманасы, бир эле тыраКтиривизде үч жүс аттын күчү бар.*

БАРМАНЧЫЛЫК *түшт.* молчулук; *барманчылык өкүм сүргөн шундай бадөөлөт кез.*

БАРП *жерг.* кар; *кечээ барп жүдә калың түштү.*

БАРПАҢ *жерг.* баркырак; *барпаң үндүw, барчын тайактуw, жүгүрсө жетпес, жүгөн айактуw* (таб. көчкү).

БАРДАР *ттороо.* ылжырама; *аксаңдап бардар таз барып калды* (жомоктон).

БАРХАК *лейл.* чындык; *шу гәптин бәәри бархак, кайерге барсам эйтәрим шу.*

БАРЧА *жерг.* канчалык аракет кылсаң да; *барча кылсаң дә онун көзүгө хечтеме көрүнбөдү.*

БАРЧАКТА *өзг.* тамыр чачуу; *аркар оттун түвү барчактап кетет.*

БАРЫК *кочк.* жүндүү, сапсагай; *барык көк дөвөттүн эмдигиче күчүк аты өчө элек.*

БАРЫҢКИ *батк.* кыскасы, коё кал; *барыңки быйыл чөп пыланы эрте бүтөт дечи?*

БАРЫШ, БАРЫШ–КЕЛИШ *батк.* чүкө ойнунда аткан сака башка бир нерсе тийип келип, кайра чүкөгө урунганда утук иретинде айтылуучу сөз; *барышы жат дединби, же барышы–келиши менен урдуңбу?*

БАРЫШЫНЧА *пам.* болгонунча; *гүлвуйәвәндән жыгылып калвайын деп жәнинин барышынча тырмышты.*

БАСААК *ал.* басанаак; *онун басаактыгы өзүңдөн эле билинип турат.*

БАСАБАС *пам.* тымтырс; *бир аздан кийин басабас болду, эми ойун башталды.*

БАСАГАНЧ *алб.* басаанак; *басаганч бала окшойт, ача баканды басып алвасын.*

БАСАЛДЫ *пам.* басмырчалагандык; *зорго жүргөн Асанды зомбу киши басалды.*

БАСАР: жан басар *жерг.* жан тартап; *кыр кулак болуп жатканыңда жан басары шо кишиви?*

БАСЕЛЕҢ *чүй.* жапыс, бөксө; *Жумгалдын тоолору баселең–баселең келет.*

БАСКАК *ал.* басып жүрө берме, басып кетме; *ой, онун баскактыгыны әйтпәң әә?!*

БАСКЫЛЫК *чүй, ыск.* карта ойнунда басууга маш келген карта; *баскылыгың болсо, чырга ыргытканда эле кыл.*

БАСКЫЧ *атб.* тестин бир метрден ашып – ашпаган, баса турган жагы жалпак, экинчи учу жумуру, билектей жоон бөлүгү; *тестин баскычын салмак менен басканда тал каалагандай ийилет.*

БАСМА *батк.* атайын мык сууруу үчүн учу ачакейленип жасалган темир курал; *пакат сени жакшы көрөм, басманы сурап келчи* (кээде "мык басма" деп да айтылат).

БАСТЫ *өзг.* камчынын өрүмүн терип баскандык; *акыйкаты отуз эки тал тасмадан турган өрүм бастыны колу тетик, өнөрү жетик, көзү курч киши гана басат* (бул өрүмгө карата: бурай басты, илме басты, буудай басты деген атоолор да колдонулат).

БАСТЫРГЫЧ *чүй, ыск.* араба, чана менен чөп тартканда үстүнөн бастырып байлап коё турган орто жоон узун жыгач; *чийки шернеге барарсың, маа чөп бастыргычты бере салчы.*

БАСТЫРМА *жумг.* сулп этти төрт чарчылап жука тилип, эки бетине тең туз, калемпир сээп, ага майда кырчылган сарымсак, как калемпир тегиздеп жаап ороп, татымалы сиңгенден кийин кууруп жасаган куурма; *бастырманын улам бир бетин оодарып куурат.*

БАСЫЛДЫРЫК *суз.* отун таңган жип; *басылдырыкты алып бериң, болбосо кулагыңдын парсылдагын чойом.*

БАСЫР *пам.* ныктоо, басып чогултуу, жыюу; *пычанды качан басыравыз?*

БАСЫРЫК *ал.* 1. үстү – үстүнө, үстөккө босток; *басырык–басырык баса берген;* 2. *пам.* боо; *тырна тарамыш неме басырыгыны бервес.*

БАСЫРЫКТА *пам.* боолуктоо; *кыркма чайдан басырыктап берсе йәм иче авас ол досуң.*

БАСЫРЫКТЫК *пам.* боолук; *чаканын басырыктыкка алы келер векен?*

БАСЫРЫКЧЫ *пам.* боочу; *басырыкчыларга тамакты бет–бетиден куй.*

БАСЫТКЫ *ал.* ызгыт, милте, жээк; *басыткысы ничке түшкөн экен.*

БАТ *жерг.* начар, жаман; *ал бат киши, ону мен билем*; **ак бат** *батк.* рак оорусунун бир түрү; *илгери ак бат менен owруп каза богон*; **кара бат** рак оорусунун экинчи бир түрү; *кара бат менен owруган адамдын айлыгышыдан айлыкпашы көвүрөөк.*

БАТААК *ал.* батып кетме; *үйүнүн алды бататаак болуп, жол жавылып каган.*

БАТАГАНЧ *алб.* батаанак; *батаганч окшойсуң, әдәпти бе әдептен үйрөнүп жүрвө.*

БАТАГАЧ *ал.* батып кетме; *бу сапар батагач жол тез оңдолду.*

БАТАМ *чүй.* тез, ыкчам, ылдам, бат; *батам эле бошонуп кетет да, бул эмнеси?*

БАТБАК *жерг.* бактысыз, жаман; *батбактын әзәли пейли шундай девесин.*

БАТКАЛА *пам.* жыш ургулоо; *мыкты тек эле баткалай бергенде болову?*

БАТКАЛАКТА *чүй.* ылай – баткак болуу; *ыйа, айланайын, баткалактап кайдан чыга калдың?*

БАТНАЗАР *жетг., эск.* илгерки учурда жазаланган кишини кайтарган киши; *батназар болуп иш кылат.*

БАТУУ *тторо.* буйтка, көмүскө; *жок карындаш жолдо болбосун, бар карындаш батууда калбасын.*

БАТХАК *жерг.* жакшылыгы жок, карасанатай; *батхактын өмрү кәлтә.*

БАТЫЙКЫ *тторо.* куу, амалкөй, митаам; *батыйкы түлкү сен болуп, бардык жерди жойлодуң.*

БАТЫҢКЫ *жжол.* чүнкүрөйүңкү; *жаак эти бөксөрүп, көздөрү батыңкы.*

БАТЫШ *пам.* батым, сыйым; *батышыга карап пут сун.*

БАХАВАР *жерг.* этият, акырын; *онун ити каваган, бахавар болуп өткүн.*

БАХАЙЫР *жерг.* колу ачык; *рәмәтилик Айша бахайыр кыз эде.*

БАХМАЙ *жерг.* топ болуп үксөйүү, чокмороктошуу; *мәвәләй тургапы бахмайып – бахмайып калат.*

БАХТИЙОР *жерг.* бактылуу, сүйүнүчтүү, кубанычтуу; *сен жүдә бахтийор экенсиң.*

БАЧАМАРД *пам.* семиз; *бачамард кой экен, сатып ала бер.*

БАЧУНАҢ *тторо., миф.* ийилгендик, баш ургандык; *күн, ай, жылдыз бачунаң кылып жатыптыр.*

БАШКАРАҢГЫ *алб.* бойго бүткөндүк; *башкараңгы болгондо алмага талгак болуптур.*

БАШТАГАНЧ *алб.* баштаанак; *баасы учурда баштаганч болуп каласың.*

БАШТОWСУЗ *пам.* бейбаш, ээнбаш, тартипсиз; *ушлуң бейжай, баштowсуз бовосун, бемәзә кылат.*

БАШТЫРМАК *өзг.* уй беденин гүлдөгөн тоголок башы; *баштырмакты бири – бирине бурап тартып ойношот.*

БАШЫГЫЧ *алб.* боз үйдүн босогосу менен керегесин бекитип байлоочу сызма, жип; *эки башыгыч жетет.*

БӘӘД *жерг.* кийин, анан кийин; *сен неге мунча бәәд келдиң?*

БӘӘЗӘН *зам.* кээ – кээде; *бәәзән шундай – шундайлар да болот.*

БӘӘЗИРЛӘН *жерг.* жайлануу, тынчтануу; *гәжәр таар бергениге бәәзирләнип калды.*

БӘӘНӘЧИЛ *жерг.* шылтоочул; *бәәнәчилди караң жалкынга оруңду салсаң, бала коркоок болот дейт.*

БӘӘР I: кара бәәр *батк.* ала жазгы учур; *бәәр – бәәр болгондо агылга толот улагың, кара бәәр богондо сайларга толот булагың*; **бәәр менен** жаз алды менен, көктөм учурда (кезде); ◊ **бәәрдин мурду**

менен *пам.* жаз башында; *бээрдин мурду менен көчүп кырга чыктык*; **кыш көрвөгөн булбул бээр хадырыны билвейт** *пам.* согулуп – урунуп көрбөгөн сонундун кадырын биле албайт деген мааниде айтылат.

БӘӘР II: жакшылык көрсөң бээриң әчиләт, жамандык көрсөң бээриң чәчиләт *батк.* жакшылыкка тушукканда көңүлүң өсөт, жамандыкка тушукканда көңүл чөгөт деген мааниде айтылат.

БӘӘР III *батк.* пайда; *шунан бир бээр элтип касын дә.*

БЭЭРГИ: бээрги бегамдык – күзгү пушаймандык *жерг.* жазгы жарыштан калганың уттурганың деген мааниде айтылуучу туюнтма.

БӘӘРЛӘШ *алб.* сырдаш; *сенин апаң менен менин апам бээрләш.*

БӘВӘР *ал.* капарсыз; *эки үйдөн жем жеген ит жол ортосуда калыптыр дегенинен бәвәр го.*

БӘГӘНӘ: ◊ **бәгәнә менен өвүшкөндөн өзүндүкү менен тевишкен өйдө** *батк.* бөтөндөн көрө сыр алышканың, сыр билгиң өйдө деген мааниде айтылуучу туюнтма; **бәгәнәнин дүмү кыпчылуw** кимдир бирөөнүн башка жерде жоош – момун болуп башкалардын ишине кийлигишпей жөн жүргөнүнөн улам айтылган туюнтма ("бәгәнәнин дүмү кысык" деген түрдө да айтылат); **бәгәнәнин дүмү кысык** жат, чоочун киши батына албай турганда айтылчу туюнтма; **бәгәнәнин кеңешин ук, лекин өз күчүңө ишен** алыңа карап иш кыл деген мааниде айтылуучу туюнтма; **дуванам менен чыкпасын, бәгәнәдән чыксын** бирөөгө калыстык кылбаганда айтылуучу туюнтма; **дувана үйүгө келсе, бәгәнә пысып калат** үйгө мейман кондургусу келбей калганга карата айтылуучу туюнтма.

БӘГИРӘ *өзг.* 1. быркыроо, быркырап чачыроо, майдалануу; *бу тоонун таштарын урсаңыз, бәгирәп кетет*; 2. бошоо, шалдыроо; *чалдар карыганда бәгирәп калат да.*

БӘДӘН: ◊ **бәдән–бәдәнидән жән кетүw** *пам.* шалдыроо, бошоп үлдүрөө; *тазза түзөтүп туруп чекеге бир койду эде, бәдән–бәдәнидән жән кетип отуруп калды;* **бәдәни дүркүрөп кетүw** коркуу, чочуу; *айваттуw немени көргөндө бәдәни дүркүрөп кетти;* ◊ **эти семиз – бәдәрмән** *батк.* көпшөк, чыдамсыз.

БӘДБӘШИРӘ *пам.* кейпи суук; *бәдбәширә – өңү сүwүк неме экен, ону нары апарчы.*

БӘДЖӘӘЛ *батк.* ачуулуу; *жүдә бәджәәл боптур.*

БӘДИК *чатк.* сүйлөөк, бабыр; *көп эле бәдик болуп сүйлөвөчү.*

БӘДИРЕК *пам.* азамат; *бәдирек бала боловусуң?*

БӘДИРЕП *зам.* ажаткана; *әхилетти бәдирепке тәштә.*

БӘДПЕЙИЛ *ал.* кара мүртөз; *балык башыдан сасыйт, дарак ичиден чирийт дейт кочу, ол бәдпейил.*

БӘЖӘ: бәжә келтирүү *зам.* бүткөрүү, аткаруу.

БӘЖӘН: бәжәни дил *зам.* жаным менен, сөзсүз; *әйткәниңди бәжәни дил аткарам.*

БӘЗӘҢГИР *батк.* ыгы жок тартипсиз; *бәзәңгир бала болуп кетпесин, ондо тәртиви жок дейт.*

БӘЗГЕК *лейл.* темир затынан жасалган кооздук; *бәзгекти мойунга, бәргекти маңдайга тагат.*

БӘЗИМ *лейл.* той; *анаву неме бәзимге барып келет дә.*

БӘЙ *батк.* кайыл болгондук, ыраазылык, макул келгендик; *кечээ күрөштө бир жигитти көрүп бәй бердим, жүдә күштүw экен, бәәрини жыгытты.*

БӘЙИҢКИ *батк.* канаттуунун коркогу; *жүдә ле жәмән бәйиңкисини тутупсуң чу?*

БӘЙЛӨW *лейл., пам.* кандайдыр бир нерсени байлоого, токтотууга ылайыкталган нерсе; *көчмөн көчөт жәйлөwнө, кәлтә жип жетпейт бәйлөwтө;* **сүwта бәйлөw** *пам.* малдын терисин жыдытуу үчүн аны агын сууга таш бастырып бир нече күн коюп коюу жолу; *терини бир топ күн сүw бәйлөw кылат.*

БӘЙТ *жерг.* бейит; *бәйт әйтсә онав жигиттей әйтсин.*

БӘЙТИН *лейл.* кошок кошуунун бир түрү; *илгери өлгөндүн жакындары бәйтин әйтәт эде.*

БӘКӘР: бәкәр кевейт *батк.* туруштук бербет; *тоwдой чөп болсо дагы бәкәр кевейт.*

БӘКИДЕН *чатк.* баарынан да; *бәкиден да ошонуку өттү!*

БӘКИЛДЕ *суз.* бөйрөк каккылап соолуктоо; *бәкилдеп чымын жанды үйгө камабачы.*

БӘЛӘНТ *өтм.* калың, мал, терең түптүү; **чонтойу бәләнт менен дос бово, кадыры бәләнт менен дос бол** *батк.*

БӘЛӘЧИК *ал.* өрүлгөн чач жазылып кетпес үчүн анын кичинекей бир бөлүгүн ороп туруп майда кылып өрүп койгондогусу; *чәчинин бәләчигин караң.*

БӘМӘЙЛИКАДЫР *батк.* жай баракат; *кәникулда үйгө барып бәмәйликадыр жүрүп келесиң.*

БӘМИСӘЛ *батк.* мисалга, мисал үчүн; *бәмисали кечээги иштен көрүп ала вер.*

БӘНДӘЛИК *жерг., батк.* көз өткөндүк, каза болгондук; *о карыйа бәндәлик кылыптыр.*

БӘНДӘЧИЛИК *өзг.* көзү өткөндүк; *эки киши бәндәчилик кылды.*

БӘННӘМ *жерг.* жалаа; *мени мунчалык бәннәм кыласың?*

БӘНТ *батк.* толтургандык; *бир идиш берейин, бир бәнт кылып толтуруп берчи.*

БӘҢГӘ *жерг.* суу тосмо; *бәңгәдән сүwдү койо вер* (көбүнчө чоң суудан суу бөлүп коё турган тосмо).

БӘҢГИ *ал.* 1. акылсыз; *эски–уску ләтәләрдин хәммәсини топтоп не кылат ол бәңги;* 2. шалакы; *малы барда мана достун бири богон ол бәңги.*

БӘҢГИДУВАНА *жерг.* меңдубана; *хе анавы бәңгидувананы көрвөй туравысың?*

БӘПӘРМӘНИ *батк.* ой тобо; *бәпәрмәни, кантип әйтип жатасың ону?*

БӘРЗӘМИН *жерг.* кулап жыгылгандык; *асман фәләк чыктың, бәрзәмин түштүң.*

БӘРЗӘҢГИ *зам.* сакал – муруттуу, чачтуу, үксөгөй; *ыстоловойдун алдыда үч бәрзәңги отурат.*

БӘРКӘМӘЛ *зам.* өсүп илгерилеп чоңойгондук, кызматка өйдөлөгөндүк; *Жакып пахтадан бәркәмәл тааптыр.*

БӘРКӘШ *лейл.* сөөгү алынган өрүк; *Лейлектен бәркәш ала кел.*

БӘРПӘ *лейл.* курулгандык, түзүлгөндүк; *сәвет өкмөтү бәрпә болуп, тынчылык заман болду.*

БӘРХӘВӘ *батк.* абасы салкын, таза, эс алууга жакшы; *биздин үйдүн үстү жагы жүдә бәрхәвә.*

БӘСӘР I *батк.* батыра алгандык; *бәсәр кыла авасаң, неге алдың?*

БӘСӘР II *батк.* улак тартканда улакты ат жалына баскандык; *ол онон зорго бәсәр кылып апкелип тәштәйт.*

БӘСКӘРД *пам.* чыптама; *нәтәвән бовой мәйин болуп бәскәрдинди оңдоп ал.*

БӘСТ *жерг.* ал – ахбал; *бәрчәгә сал да бәстин көр, калкка сал да кашын көр.*

БӘТӘР *зам.* ашык; *саңа мындан*

да бәтәр болсо, кана? ("бәттәр" болуп да айтылат).

БӘТГҮМӘН *лейл.* күмөндөр; *ишти бәтгүмән кывай бир жагыны әйт тә.*

БӘТТӘР *батк.* ого бетер; *бул күнүңдөн бәттәр бол деве.*

БӘТТӘШ *батк.* басташуу; *кары менен касташпа, жаш менен бәттәшпә.*

БӘЧЧӘГӘР: ◊ **ач бәччәгәрдән кач бәччәгәр** *батк.* сук адамдан алыс бол деген маанидеги айтылуучу туюнтма; **бәччәгәрдин көчүгү бытпылдыктап калды** көчүгү опулдап калды.

БӘШӘРӘТТӘ *лейл.* кокусунан; *бәшәрәттә унутуп да койот.*

БЕ: бе-бе *батк., пам.* эшекти кармарда жана жем берерде колдонулуучу сырдык сөз; *бе-бе десем эле эшегим келет.*

БЕАВЛАТ *жерг.* урук-тукумсуз, баласыз; *шондо беавлат болуп кавасын дептир.*

БЕАВЫР *жерг.* булутсуз; *күн беавыр болсо, сәмалойт келет эде.*

БЕАНДАША *жерг.* ойлонбой иштеген; *о киши беандаша кишиге окшойт.*

БЕАР: ◊ **беарлык менен бел байдап, әйәрлик менен аш ичип** *жерг.* бети жоктук, уятсыздык, жалкоолук жөнүндө айтылуучу туюнтма.

БЕБАРААЛ *зам.* колунан эч нерсе келбеген, бир нерсенин өтөөсүнөн чыкпаган; *о бүгүн әлләтөwүр түш көрдүм деген менен өзү бебараал.*

БЕВАРП *жерг.* карсыз; *буйакта беварп кыш богон экен.*

БЕВИЛИСКИ *батк.* тайтаңдак; *бевилиски тейтеңдеген жазуw кимдики.*

БЕВОЛУМ *батк.* көрксүз, арык; *базарга беволум мал кирвейт.*

БЕГОWГА *батк., тал. уwурдап жеген аштан бегоwга жеген таш жакшы* (мак.).

БЕГЛИК *зам.* бийлик; *бегликтен адам ач карным – тынч кулагым девес*; ◊ **беглигинден түшүп калавысың?** бирөөгө чоңдугуңан түшүп каласыңбы деп нааразыланганда айтылуучу туюнтма.

БЕГУНАР *батк.* көрксүз; *бүт эле бегунар сыйыр болмок беде?*

БЕДАВА *пам.* өтө жакшы, абдан жакшы; *бедава дурус болду, эртеге саар менен мени менен эргешип кетип каласың;* ◊ **бедава, бедавага не дава** *зам.* айласызга эмне айла деген маанидеги туюнтма.

БЕДАВАМСЫ *пам.* 1. дабаасыздануу; *көрвөй жүргөнсүп бедавамсызданат*; 2. дөөгүрсүү; *бедавамсып кегенди бел ашыра пүйлөгөн*; ◊ **тәкти эле бедавамсып калуw** көкүрөк көтөрүп акылдуусунуу; *Алайга баргалы шу тәкти эле бедавамсып каптыр.*

БЕДАРГА *батк.* татыксыз; *бедарга турмуш жок энди.*

БЕДЕЛДҮҮ *акт.* кооз саймалуу, оймо-чиймелүү; *беделдүү кумган колго алып, бетиңе сууну куйсам дейм.*

БЕДИ *тторо., эск.* бедөө жылкы; *бедини минген көп сомдук.*

БЕДОР *жерг.* ойгоо; *эгер мен уктап калсам, бедор кывай эле койгула.*

БЕДОСТУР *зам.* эби жок, копол; *бу чапан жидә бедостур тигилиптир.*

БЕДӨW I *ал.* көдөөдөн узунураак келген өсүмдүктүн аты; *бедөw чөптү төрө элекмин, Көг-Сuwда өсөт деп угам.*

БЕДӨW II *батк.* сылаң, куру дымак; *бедөwдүн бели кооз, чоркоктун оwзу кооз.*

БЕДУМ *жерг.* куйруксуз; *бедум чычкан капкага түшүп калыптыр.*

БЕЖЕ *зам.* кооздоп саймалоо, сулуулоо; *гилем жасаганда бетини жүдә бежешет.*

БЕЖЕЙ *зам.* аябай; *сен бежей өзүңө бинә койупсуң.*

БЕЖЕЛ *зам.* кооздолуу; *баралдуw бала ата-энесинин ишини жеңилдетип бежелген.*

БЕЖИЗ *зам., батк.* 1. жөн, чеки, тегин эмес; *колуң күйсө, кулагыңды карма* (кыйын ишке туш келсең жөлөк болор киши карма) *дейт, бежиз го*; 2. тек жерден, жок жерден; *бул эртегиң бежиз әйтилгән эместир ов!* ("быжыс" болуп да айтылат).

БЕЗ I *батк.* катуу болуп тапталган такыр; *мәшине өтө верип жер без боп каптыр.*

БЕЗ II *зам.* безеп кооздоо; *нәйәп сыр менен безген эде.*

БЕЗАН *жерг.* аялсыз; *алы да безан жүрөвүсүң?*

БЕЗӘР: ◊ **әзәр-безәр болуп** *пам.* бет карагыс болуу; *бала басырык эде* (көп балалуу эле), *коңшусу уруша кетип, әзәр-безәр болду*; **мен безәр-худа безәр** такыр тажап бүткөндүк; *баазгы бүрөw баазгы жерде алмасы төгүлүп турса да, мен безәр-худа безәркеттим дейт.*

БЕЗӘРӘР *жерг.* залалсыз; *безәрәр эле наалды кеспей эле койолу.*

БЕЗӘТӘ *жерг.* 1. жадаткандык, тажаткандык, ачуу келтиргендик, кыйнагандык; *болду, безәтә кылып жүгөрдүңкү*; 2. булгагандык; *әй, бу мени безәтә кылып койгон турвайвы?*

БЕЗБЕТ *лейл.* уятсыз; *ол жүдә безбет экен, нә кәттәни көзүгө илвей, нә кичикти көзүгө илвейт.*

БЕЗГАМЫР *ал.* камырдын жеткире жуурулбай, улам – улам суу кошулуп, оор болуп калгандагысы; *безгамыр жуурулуп, нан начар болуптур.*

БЕЗЕГЕНЧ *алб.* безээнек; *аркы өйүздүн жылкысы шака-шука безегенч.*

БЕЗЕҢДЕ *ноок.* тынбай бат – бат сүйлөө; *шу безеңдеп жүрүп, окушка кирип кетер.*

БЕЗЕРИ *пам.* чыгаан, өтө, аябай; *бул бала безери күлүк.*

БЕЗЕТ *пам.* айла кетирүү, кан какшатуу; *кан какшатып, кана безетти, ох-ох!*

БЕЗЕТКИ *пам.* боёк; *безеткини кармава, колуңу ойрон кылат.*

БЕЗОВАЛ *пам.* күнөөсүз, зыянсыз; *жөргөлөмүш безовал, ону өлтүрвөгүн.*

БЕЗЭЭГЕЧ ал. безээнек; безгич; *биздин бир баласыдан безээгеч койувуз бар.*

БЕЗЭЭК *ал.* безенээк; *көзгө көрүнбөй жүрсө, безээк болуп кетпейби.*

БЕЗЫВАН *пам.* үнү жок, дабышы жок; *сен бир безыван экенсиң, ого бирдеме деп сүйлөсөңчү!*

БЕЙАЙВАРТ *пам.* укмуш далыйып үксөйгөн; *кыйын бейайварт, өңү сүwүк неме болот имиш.*

БЕЙАКЫЛ *пам.* акылсыз; *акылдуw киши ачкыдай жомок, бейакыл киши качкыдай жомок*; ◊ **ит тойсо үрөт, бейакыл тойсо күлөт** *пам.* арсыз деген мааниде айтылуучу туюнтма.

БЕЙБАРААЛ *лейл.* ийгилиги жок эле, кемчиликтен арылтпай; *бейбараал эле чакмак, чакмакты атка алмаштырган акмак дей береви?*

БЕЙВАПА *жерг.* күйүмсүз; *бейвапа чевер жары бар девесин.*

БЕЙДАЙЫН *өзг.* дайынсыз; *бара-бара бейдайын таңыркамайы калды.*

БЕЙЕМЧЕК *батк.* учтугуй, сүйрү сымал сөнгөгү бар өсүмдүктүн аты; *бейемчекти көрсөт деп аваңа элен.*

БЕЙНӘСИП *пам.* ашыкча; *бейнәсип кайрат баш айрат.*

БЕЙНЕ *тал.* элес, сүлдөр; *ажайып кыстын бейнеси кошо тартылды.*

БЕЙРЕК *алб.* майып; *бейрек болуп үйдө калдым.*

БЕЙСААТ *батк.* сапатсыз; *бейсаат чыкты дейт ол баланы.*

БЕЙСАВЕТ *пам.* жашырын, тымызын; *бейсавет жүргөн кандай немелер булар?*

БЕЙСАЛКА *жжол.* серт, суз; *төрөлгөндө эле бейсалка төрөлгөн экен деп ойлобогула.*

БЕЙСАНАА: бейсанаа уйкучу, бейар күлкүчү *пам.*

БЕЙСАПАТ *акт.* сапатсыз; *алаптап ишиң бейсапат болвосун.*

БЕЙТАЛАА *чүй.* аяксыз, жөнсүз, натыйжасыз; *ишиң бейталаага кетпесин.*

БЕЙУШ *пам.* ал – күчү жок; *бейуш болуп жатам балам, жәнимдән чыкпа.*

БЕЙХУТ *батк.* көңүл айныгандык, кускусу келгендик; *автовуста ол бейхут болду.*

БЕКАРГАША *ал.* чатаксыз; *ол ич вакта бекаргаша жүрәлвәгән неме.*

БЕКӘЛПӘТ *батк.* жарашыксыз, көрксүз; *бекәлпәт болуп кетиптир.*

БЕКЕНЕ *чүй.* бир аз, кичине; *кыйалымдын каалгасы ачылгансыды бекене.*

БЕКИНӨW *зам.* далдаа, көмүскө; *шул жер бекинөw экен, жамгыр тынчыгыча отура туралы.*

БЕКЕТ *чүй, сейр.* базар; *асоого кыл чалмасын уруп алып бекетке кетти* (тергөө учурунда колдонулат).

БЕКБАЛА *чүй, эск.* отуруштагы эрке баланын жардамчысы; *бекбала алек–чалек салып жүрвөсүн?* (азыр мындай атоо айтылбаса, айтылбайт).

БЕККУЛУ *пам.* кыялы чатак; *айавай беккулу экен ол.*

БЕКЛИК *чүй.* марттык; *кыстардын тердигиңе, четтигине сайма сайдырганда бир беклик көрсөтүптүр.*

БЕКӨРҮМ *батк.* серт, жүдөө, көрксүз; *макташканы менен жүдә бекөрүм ат экен.*

БЕЛБАК: сары белбак *пам.* бийик тоолуу жердин майда кум чайкаган туз жерлерине топ болуп чыгып, сары гүл ала турган өсүмдүктүн аты; *сары белбакты мал жей берет.*

БЕЛБАСАР *чүй.* ооруган белге коюлган жылуу нерсе; *белбасары түшпөй жүрөт да желдин чанчуусу жаман, сөстүн каңкуусу жаман дейт.*

БЕЛБӨW *батк.* шалынын тазаланган кызылын чогултуп жыйганда бир калбыр күрүчтү тегерете курчоо кылып төгүп чыгуусу; *шалынын белбөwүн дә жасадык, энди кәсәси колудан түшпөсө болду* (жасаган аракети текке кетпесе болду).

БЕЛГИНӘ *батк.* белинен ий; *беткинәдән нур кетип, белгинәдән күч кетип.*

БЕЛДЕГИЧ *ал.* койдун белине таңылган жип; *белдегичини көрдүңбү, ләвизиң кеттиви, энди кутул.*

БЕЛДЕМЧИ *ал.* белимчи; *белдемчи киши өзүнү тез жоготуп, нимнени әйтсәң кошо әйтәт.*

БЕЛДЕМЧИЛИК *чатк.* баланы терметип уктатуу үчүн жасалган нерсе; *эшикке азылва, ата, белдемчикти тервет онон гөрө.*

БЕЛДИК *чүй.* кеч куут; *белдик увактысында чуу куйрукка алдырып живервейли.*

БЕЛИМДЕШ *пам.* кучакташа эзилишүү; *шарапты алып келип белимдешип отурду дейт.*

БЕЛКАЙЫШ *чүй, ыск.* арабага кошулган аттын ээрчесин үстүнөн бастыра турган кайыш; *саа чүкөнүн суусун ичирсе да, ойунду койуп, белкайышты таап кел.*

БЕЛСӨӨ *акт.* чийден токулган эшиктин четине алты – жети чийден көк менен токулган бөлүгү; *белсөө эшик ачылганда чий сынып кетпес үчүн керек.*

БЕЛЧИ *жжол.* тоонун белин

ашкан, ошол белде иш кылган же күзөткөн адам; *берендер келет бел ашып, белчилерден жол талашып.*

БЕМАХСАТ *жерг.* максатсыз; *бемахсат жүрө бервей көвүрээк оку.*

БЕМӘЛӘЛ *түшт.* жай, тынч; *тәгиле бир аксакал бемәлә отурат.*

БЕМӘН *лейл.* 1. көп, кеңири; *әтилес деген нерсе жүдә бемән*; 2. жай; *олор бемән отураттар.*

БЕМӘНИ *ал.* кылык – жоруктуу; *бемәни бовочу, корowдо койлор маарай элек дос әй.*

БЕМӨӨР *батк.* убактысыз, жайсыз, орунсуз айтылган; *бемөөр әйткән гәптин пайдасы жок.*

БЕНЫМЫК *жерг.* тузсуз, тузу аз; *тамагың бенымык бовосун.*

БЕОТОН *батк.* жерден экинчи жерге көчкөндүк; *бечәрә карыганда беотон бовосун.*

БЕПАДАР *жерг.* атасыз; *бепадар баланын көңүлүгүнү чөгөрвөгүлө.*

БЕПАЙДА *пам.* зыян; *бекер отурсаң дә бепайда ишке барва.*

БЕРВЕГЕЙ *ал.* бербеген; *үйгө басып кирвегей, эки жакты бервегей* (таб. куурай).

БЕРГЕК *ал.* беренээк; *бергек эдең безегеч, качкы койуну маңа бервейвисиң?*

БЕРГИЧ *батк.* берешен; *бергичмин дейсиң да, ышыгып отура бересиң.*

БЕРЕВИЧ *батк.* беренээк; *өзүңдү беревич дейт, ого каравай көзүң шимектеп жүргөнү неси?*

БЕРЕГЕНЧ *алб.* беренээк; *берегенч болсоң да укол аттырып алчы*; ◊ *алаганч болсоң алып кайт, берегенч болсоң берип кайт.*

БЕРЕЗ: арыз–берез *батк.* карама каршылык; *араз–березди бар болсо, бириникиге бири кирвей калат.*

БЕРЭЭК *ал.* беренээк; *өгөй апасыдан качып безегеч богону бовосо, өзү берээк, айанбайт.*

БЕРЭЭҢӘЧ *батк.* берешен; *колудагысыны әйәвәгән берээңәч адам ак көңүл болот.*

БЕРИМЧИ *батк.* кандай бир нерсе берүүчү киши; *шу балаң беримчиви, беримчи бовой ле шумпайча бовосун.*

БЕРК *жерг.* өлсүн, жоголсун; *олву, ол берк болсун*! (урушуп каргаганда айтылат).

БЕРМЕ *ыск., эск.* баш терисинин ар кайсы жери ылжыраган таз; *берме тазга беш теңге, төвө тазга төрт теңге* (азыр мындай оору учурабайт).

БЕРОХИ *жерг.* жолсуз, изсиз; *шул улуw карда берохи кандай барат экенсиз?*

БЕСААТ *батк.* 1. пайдасына айтса зыянына тарткан, иши оңунан чыкпаган; *нәсәәт әйтсә, бесаат бовосун*; 2. *жерг. өтм.* иши оңунан чыкпаган; *әй кәсәл әй, манавы бесааттын жүргөнүнү карачы*; ◊ **насааты бесаат алган оңбойт** *пам.* ыраазы болбой калганда айтылчу туюнтма.

БЕСӘВӘП *жерг.* себепсиз; *бесәвәп ле сени неге качырды экен?*

БЕСӘРӘ *зам.* жөн эле, орду жок, ысырап; *онуңду бесәрә жок кыва.*

БЕСӘРП *лейл.* жөндөн – жөн; *пулду бесәрп жок кыва, кереги эли көп тийет.*

БЕСЕРЕК *батк.* обу жок, кылжың; *бесеректин айыдан гөшүм күйдү айлам кетти, күйүктүм.*

БЕСЕРЕКТЕН *батк.* обу жоктонуу; *бесеректенбей тынч отурчу, дилимди куптан кылдың* (көңүлүмдү караңгы кылдың).

БЕСОЛОҢКУ *ал.* көрксүз; *бу апкелгениң өтөле бесолоңку экен.*

БЕСОҢСОЛ *батк.* бою узун, көөдөнүндө эчтеке жок; *арсыз; бесоңсол чурт танып кетти.*

БЕСОХИП *жерг.* кожоюнсуз,

ээсиз; *өкүнгү бесохип сыйырды бөөрү жеп кетиптир.*

БЕТААЛАЙ *түшт.* таалайы жок; *бетаалай кайрат баш жарат дегенди уктуң беле?*

БЕТӘМИЗ *зам.* 1. обу жок; *ой бетәмиз, көп сүйлөвө*; 2. *жерг.* митаам, кыйык; *онун авышкасы өтө бетәмиз киши эде.*

БЕТӘШВИШ *жерг.* тынч, акырын; *мен жөнүдө бетәшвиш бовоң.*

БЕТИЧЕ *пам.* бети менен, бет алды; *бетиче кете бервесин*; **бетиче түшүw** эт – бетинен жутунуу; *суктугуну әйтә көрвө, бир бәләә көрсө бетиче түшөт.*

БЕТКЕЧАВАР *тторо.* бозонун денени бат кызытып чыккан түрү; *беткечаварды ичтим дегиче, кызара бердим де.*

БЕТКЕП *батк.* бет чүмбөт; *даректын далдаасыдан беткеп тартып алды бирөw.*

БЕХАТ *лейл.* жөөксүз; *мәкәни бехат эле эккиле.*

БЕЧЕК *ош.* бечел; *беш–алтыга чыккыча баспай бечек калыптыр.*

БЕЧЕКИ *кем.* жөн эле, орунсуз; *карыйа өткөндөрүн бечеки эстеп алып денесин чыйрыктырып алды.*

БЕЧЫЗ *жерг.* жарды; *о илгери бечыз өткөн.*

БЕШАРЫМ *жерг.* уятсыз; *бешарым девесин, көйнөгүңдү түзүктөп кийвейвисиң.*

БЕШАТА *пам.* ынтымаксыз; *олор шундай бешата немелер, атасы бирди әйтсә, баласы бирди әйтәт.*

БЕШБАШ *ноок.* пахта, тамеки, картошка, жүгөрү ж.б. аянтына салынган ичке арыкчалардын беш – бештен кошулган жери; *биринчи бешбаштын чымынын суw агызып кетиптир.*

БЕШЕПТЕ *алб.* заара кылуу; *чаткайагын керип туруп, тиги ат бешептеп живерди.*

БЕШИКБАШЫ *чүй.* тун бала; *бешикбашынын чүкүсүн карачы.*

БЕЫНТЫМАК *жерг.* ынтымаксыз; *ынтымак болсо бүтөрсүң, беынтымак болсоң житерсиң* (мак.).

БИЗИҢЧЕ *анж.* бизче; *бизиңче чакылдак, өзүвекче кәлтә кесер дейт ону.*

БИЙЕГЕ *чатк.* бул жерге; *илгери бийеге кемпирлерди чогултуп окутту эле.*

БИЙЕДЕ *чатк.* бул жерде; *бийеде ондойлор кәм, ананай балам.*

БИЙЕҢГЕ *суз.* бул жерге; *бийеңге сорго жетип келдим.*

БИЙТ *пам.* бир аз, кичине деген мааниге жакын сөз (сураган учурда айтылат); *Асенек балам, шабдолу бийт?*

БИКИРЧИ *батк.* сырын жашырган адам; *бикирчи киши дешеттер.*

БИЛГЕК *ал.* билип жиберме, билгич; *билгек болсоң, басагач койду көрсөтүңчү.*

БИЛЕГЕНЧ *алб.* билээнек; *бир кыл билегенч адамдар ак әнжирди керек дешет.*

БИЛЕЗДИК: кулптама билездик *жерг.* билериктин ич жагында темирин билекке салганда кайтарып бекитип коё турган түрү; *бул билездигиң кулптама билездик экен кү.*

БИЛЕМЧИ *чүй.* өзүн – өзү билем дегендик; *тагдырдын өз билемчисин көрвөйсүзбү?*

БИЛЕТТИР *алб.* билет ко; *балким ол билеттир.*

БИЛЭЭҢӘЧ *батк.* билеселүү; *билээңәч бала башкаларга билгенини әйтәт.*

БИЛИМСИЗ *жерг.* 1. көрүнбөй, билинбей жашырынгандык; *бактын далдаасыда билимсиз болуп туруп алып;* 2. дайынсыз; *койлор билимсиз жоголвосун.*

БИЛИҢКИ *батк.* билип кой; *сиз шундай билиңки, ол оңойчулук менен түшө бервейт.*

БИЛИШКЕК *ал.* биле коймо, билгич; *багаак төлчүдөн живериң, билишкек болсоң.*

БИЛМЕСЕК *жерг.* билмексенге салгандык; *не хеч бәләә билмесек болуп отурасың?*

БИНӘ I *зам.* көнүл койгондук; көңүл бергендик; жактыргандык; *Кудайверди чәйгә әйәвәй бинә кылат.*

БИНӘ II *жерг.* имарат; *хазыр зәңгыраган бинәләр салынып жатат.*

БИНӘЙИ *зам.* эң жакшы, абдан сонун; *пәлтөң өзүңө жүдә бинәйи дә.*

БИРАСЫЛ *тторо., эск.* илгерки жибек товардын бир түрү; *кечке шаардан бирасылды таппай жүрүптүр.*

БИРӘӘН: бирәән бир теги; *бу ишиңден бирәән бир нәтийжә чыгавы?*

БИРӘҢГИ *ал.* кээ бир, кээде, бир кезде; *бирәңги адамдар шондой болушу мүмкүн.*

БИРДЕСИ *кочк.* бир жолкусунда; *бирдеси тиги, бирдеси бу жерден.*

БИРЕЛИ *түшт.* жайылган камырдын энин бир элидей кылып кесип, эки бетине сары майдан сүртүп сиңирип, бышырган тамактын аты; *бирелини пышырардан алдын коруш – кайнасын тайарлайт.*

БИРКОЛ *жетг.* тоо ичинде малды жайып койсо, эки жакка ашып кетпегидей болгон туюк жер; *биркол жер экен, мал тарап кете койбос.*

БИРКЫЙАМДА *суз.* айтканынан кайтпаган; *ол шондой биркыйамда адам.*

БИРМӘЙДӘН *зам.* бир аз; *бирмәйдән отур, хәңгәмә кылавыз.*

БИРМИНДИК *өзг.* уй боор боло калгандык, бириге түшкөндүк; *кара шаар калкы бирминдик болгон экен.*

БИРӨW *зам., лейл, батк.* бирөө; *төрдө бирөw отурат, төрөмүн деп отурат; өwзу – мурду кыйшайып өлөмүн деп отурат* (таб. текчеге жыйылган төшөк – жүк; ◊ **бирөwгө казык, экөwгө азык** малга карата айтылуучу туюнтма.

БИРТӘРЗ *батк.* саал жакшыраак; *энди биртәрз болуп калды.*

БИСИРКЕКТЕ *чүй.* чыбырчыктоо; *босозу кыжылдап кайнап, үстү бисиркектеп чыкчу.*

БИЧЕЛЕ *алб.* аз – азда; *бичелевей салчы тусту.*

БО *батк.* бол; *мен кегичем үйдө бо* (Баткендин Ак – Турпак тарабында бул этиш уңгу түрүндө эле "л" тыбышы түшүп калып айтылат).

БОWОРСОК *зам.* боорсок; *той босо, бoworсок көп жасалат.*

БОWУР: ◊ **бowру үзүлүw** *батк.* аябай күлүү, боору эзилүү; *акыры алдыга басты, мурадыга жетти, бowру үзүлүп күлдү*; **тынч – аман, колу – бутуң бowруңа алып алдыңбы?** *пам.* жаңы төрөгөн аялга карата айтылуучу сөз; *кызалак таап алганың мәәрек болсун, тынч – аман колу – бутуңду бowруңа алып алдыңбы?* **эрке бала – туз, таш бowур бала – муз** *пам.*

БОWУРСАК *пам.* боорукер; *өгөй эне бowурсак, гөрдө жатып кол булгайт.*

БОWУРТКА: ◊ **бowуртка бowуң бек болсун, көп жашап, көптү көр** (алкоо сөздөн); *бowуртка бowу бowрудан кете элек, эне сүтү өwзудан кете элек* (баам сөздөн).

БОWЧУК *тал.* кичине, кыска боо; *колуна карматкан бowчугун байлап алды.*

БОГЖОМО *зам.* тең ороонун кичинеси; *матаны богжомого салып кой.*

БОГОШ *пам.* ымылашуу;

сиңишүү; *боздоторуң мен билсем, богошпойт эдем башыда.*

БОЖБОРОКТО *жерг.* боркулдоо, болкулдоо; *булак божбороктоп чыгып агып жатат* ("божморокто" болуп да айтылат).

БОЗ *тал.* 1. азуу; *ал өңүнөн айавай бозуп калыптыр*; 2. *карс.* үлпүл учуп түшүү; *акым–какум, кокону үйлөгөндө үлпүлдөгү бозуп кетет*; 3. *өзг.* жылма иреттен, катардан бөйрөктөнүп чыгуу; агып кетүү; *ылайы суйук болсо, бозуп кетет*; 4. *өтм.* кууттан чыгуу; *бул эчки качан бозот?*

БОЗГИЛЕҢ *батк.* "крест" деп аталган кештенин ортосуна салынуучу гүл сайманын аты; *бозгилең кештесини пүтүрүптүр.*

БОЗДО *ал.* бозоруп мунарыктоо; *Алай боздоп калыптыр, шамал чыгат окшойт.*

БОЗЕВЕЛЕК *тторо.* майда тикенек алып, көбүнчө төө, жылкы жакшы жей турган өңү боз, кичине келген өсүмдүктүн аты; *бозевелек семиз жерге абдан жакшы чыгат.*

БОЗЕКБОКУ *жерг.* күрөң сымал түс; *маңа бозекбоку каламыңды берип туравысың?*

БОЗИЧӘ *жерг.* оюн сымак; *силердин тапкан бозичә шуву?*

БОЗКАМАН *алб.* майда тикенекчелүү келген, өңү боз бадал өсүмдүгү; *бозкаманды кече ала келгенбиз.*

БОЗКОЙ *пам.* момун, жоош; *мундайда кудайдын бозкойу, эшикке чыксын, мунун шоктугудай шоктук ич кимде жок.*

БОЗОГО *чүй.* капчыгайдын куушурулуп кирип турган жериндеги тоо этеги; *байагы бозогодо чыпалактан кан сорушат.*

БОЗОГОНЧ *алб.* бозоонок; *көр байгеге көп кошулса да бозогончмун девейт.*

БОЗОТ *пам.* койго жагыштуу келген, өңү боз болуп, жайындасы гүл ача турган өсүмдүк; *бозот койду жүдә семиртет.*

БОЗСАЛАР *пам.* боз үйдүн ичинен тартылган чачылуу ичке, саймалуу сызма; *бозсалар шу айылдын көвүнүн эле үйүндө бар.*

БОЙ I *жерг.* сыр; *душманнан корктуң дегиче, ого бой бергениң.*

БОЙ II *жерг.* бир нерсенин терендигин, чуңкурдугун өлчөп көргөндүк; *кани, манавы жерге бой берчи?*

БОЙЛО *жерг.* издеп тынбоо; *жытыңды бойлоп сагындым.*

БОЙЛОМО *батк.* суу бойлоп баскандык; *бойломо болуп бара веревиз.*

БОЙЛОМОЧУ *батк.* арыкты көп бойлогон адам; *алыштын башыда жүргөн бойломочу окшойт.*

БОЙЛУW: owyp бойлуw *батк.* боюнда бар; *owyp бойлуw боптур, такыр ле кыймылдагысы кевейт.*

БОЙОМОЛ: акак бойомол *атб.* чач үчтукка тагыла турган акактын түрү; *шөкүлө, чолпудан башка да акак бойомол, шуру да тагылат.*

БОЙЧОЛ *акт.* бою өскүлөң; *үч–төрт тестийер бала, дагы бир бойчол жигит.*

БОЙШЕРНЕ *чүй.* бир үйгө жалаң эркек же аялдар чогулуп, козу союп тамак жеш көрүнүшү; *Токон бойшернеге барып келди* (бул көрүнүш сейрек учурайт)

БОКОР *пам.* кекетүү; *ону бокоруп койгондой* ("мокор" болуп да айтылат).

БОЛВУЛДА *жерг.* 1. ачуу, көбүрүү; *кечээги әйрән болвулдап калыптыр*; 2. боркулдоо; *суw өзүдөн–өзү болвулдап кайнап жатат.*

БОЛДОН: болдон савак *алб.* сөйкөнүн чоң тегерек келген түрү; *болдон салынган кыз келди.*

БОЛО *жерг.* жогору, өйдө;

гунаажыныңар жаңы эле боло жакта турган эде.

БОЛОГОНЧ *алб.* болоонок; *ашулда айтса алты увак, огон дагы бологонч.*

БОЛОКТО *жерг.* газ, жел аркылуу өйдө көбүрө көтөрүлүү (сууга карата); *көлчөктүн үстү болоктоп жатат.*

БОЛУШУ *батк.* ток этери; *болушуну гэвириңчи, кана, канча сомго бересиз?*

БООБАЙ *жерг., терг.* карышкыр; *топтоголок, тептегерек, обоо делдей көкум бообай* (таб. кой, карышкыр).

БООК: боок карагай *өзг.* карагайдын кыйла жерине чейин бутаксыз өсүп, анан бир аз жеринде жыш шак алып, кайра жыланач болуп чыкканы; *боок карагайдын бир жерине жашынып калган экен.*

БООРКА *батк.* эни он беш см. келген таңгыч; *боорка бопуң бәкәм болсун, неврелүw бол, шывралуw–гывралуw бол, үйүңө ондогон бөвөк толсун!* (алкоо сөздөн).

БООРКУРТ *тторо.* майда – майда тарам – тарам, кыска, кайчы жалбыракча алып, кичине сары гүл ачкан өсүмдүктүн аты; *койлор бооркурт жесе, боорун шишитип жиберет дейт.*

БООРТКОЛ *ыск.* көкүрөк – боорду баскан майда түк; *боорткол жүнү боорунда, чырымтал жүнү соорунда.*

БООТОЙ *пам.* "делвирдин" түндүккө келүүчү жээги; *делвир: жаны, этеги, боотойу болуп үчкө бөлүнөт.*

БОП I *жерг.* уяткаргандык, ыза бергендик; *байагыны бир боп кылып жолго сава.*

БОП II: боп–боп *ташк.* ма!..ма!; *о, кер кашка, боп–боп–п!*

БОПОН *тал.* жаш баланы эркелетүүдө колдонулуучу сырдык сөз; *оо, бопон, итти чынжырлап койойунбу?*

БОПУРА *ыск., чүй.* майдаланып үбөлөнүү; *алдымы торговочу, жөн эле эле бопурап каласың.*

БОПУРАК *ыск., чүй.* бат үбөлөнүп кетме; *үйдүн чатырына чыксам топурагы бопурак болуп калыптыр.*

БОРГЕК *ал.* аялдар көкүрөгүнө тагып алып жүрүүчү кооздук; *чакычыңды ого бериң, боргегиңди маңа бериң.*

БОРГУЛ *тторо.* бир жери боз, бир жери агыш келген түс; *ак боргул талаа экен;* **боргул ала** ала – була боз, ала – була агыш; *боргул ала чапта жүрөт*; **ак боргул** агышы көбүрөөк, бозу азыраак түс; *ак боргул шоролонгон жер тура.*

БОРЖУ *батк.* 1. ачып – кычып көбүрүү; *әйрән ачып боржуп калыптыр*; 2. ээ – жаа бербей күүлөнүү; *шунча неге боржуп сүйлөдүң?;* 3. көл – шал болуп куюлуу; *таза боржуп тердеп кеттим*; 4. көөп ачып чыгуу; *камырым таза ачып боржуду.*

БОРКОВАЙ *пам.* тантык; *борковайдын әбзалини алып кел, жумуш жасайын.*

БОРКОЛДОЙ *чүй.* чычкандын ийини; *чымылдак салып чакырып жатып бутун борколдойго мүдүрүлтүп алды.*

БОРКОЧ *алб.* чебич; *улактан кийин ыргаачысы боркоч болот.*

БОРЛУW *жерг.* таалайлуу; *балам, сен борлуw баласың;* ◊ **шорлуwдун катыны өлөт, борлуw катын көрөт** (эскирген) өкүнгөн кезде айтылган туюнтма.

БОРОWЧУ *ал.* бороон – чапкында кайыкпаган киши; *тили тикен жарган борowчу ал.*

БОРОКУ *түп.* малга берүүчү улпак, кебек ж.б. аралашмасынан жасалган коюу тоют; *казандагы борокудан эки чака сузуп алды.*

БОРОТ *тал.* ызгытуу; *текирең таскак менен кар боротуп баратат.*

БОРПОҢ *батк.* мадыра баш; *болду, боз баш борпоң.*

БОРЧОК *түп.* быдыр – сыдыр, одур – бодур; *борчок–борчок өсүптүр, шөлпөңдөвөй бери келип карачы.*

БОСКАРАГАН *жерг.* ийне жалбырактуу келип барпайып өскөн, тикендүү, катуу, таптуу, өңү боз өсүмдүктүн аты; *боскараган талаада көп.*

БОСКИЛЕҢ *акт.* жакшы ачыбай коюу сүзүлгөн бозо; *боскиленден кара чагарак күчтүү да.*

БОСОГОЛДО *батк.* болду – болбоду; *босоголдо ол мени издеп келет.*

БОСТОК: босток–босток *ал.* үстү – үстүнө; *үстөк, болбосо босток–босток боло түшөт.*

БОТАЛА: атала–ботала *чүй.* ыплас, булганыч; *атала–ботала болсоң, анан сени эселек девейви?*

БОТАЛАН *чүй.* кичинекей басып жүргөн баланы эркелеткенде колдонулуучу сөз; *боталаным ий, айланайыным ий, келчи бери жыттап алайын.*

БОТӘРТИП *жерг.* тартиптүү; *балаңыздын өмүрү узун болуп, жүдэ ботәртип бала болуптур.*

БОШТОW *тал.* башы ачыктык; *башы бошtow болсо, шору кайнамак беле?*

БӨWДӨН *батк.* кур эле, бөөдө; *бөwдөн эле оттой түштү.*

БӨWҮН *пам.* мөөн, ичеги; *бәәри мәзә бөwүндө, бөwүн калды казанда.*

БӨWҮШ *батк.* 1. кытмыр, билип туруп билмексен болгон адам; *о бөwүштү мәшин уруп кетишке сәәл калды*; 2. кем акыл; *әнчә ле бөwүш шекилди, паамдавады.*

БӨWҮШТӨН *батк.* кытмырлануу; *менин бир савалым бар деп бөwүштөндү.*

БӨГӨW *батк.* суунун байланган жери; *куштун күчү – канатыда, адамдын күчү – достугуда деп, сuwдун бөгөwүн бөгүп берди.*

БӨГӨНӨКТӨ *тал.* бээ сааганда камчыланар жаккы арткы бутунун чачыгынан төмөнүрөөк жип мөнен илип алып мойнуна байлап коюу; *жээрде бээни бөгөнөктөп саа.*

БӨГӨӨЛ *жерг.* жыгаан; *бөгөөлдү ачып бөгөймүн.*

БӨГҮШ *жерг.* суунун тосмосу, жыгаан жери; *бөгүштү ачып койсоң, суw келе верет.*

БӨДӨГӨЧҮ *ттороо.* кымбат; *бөдөгөчү кулунум, күнгөйдө күкүк сен элең.*

БӨДҮРГҮ *пам.* жүдөө; *бөдүргүнүн башыдан ысык–суwук өтпөгөн да.*

БӨДҮРӨЙТ *чүй.* көздү жалжылдатуу (жаш баланын көзүнө карата); *көзүн бөдүрөйткөн кичине бала.*

БӨЖӨҢ *ал.* бөжүрөгөн; *бөжөң–бөжөң, бөжөң кыз.*

БӨЖҮРӨК *атб.* үшмөк; *колдун салаасындагы бөжүрөгүн алып жогору илип койду.*

БӨЙВӨЛЧӨК *ноок.* чолок, кичине тартылган жөөк; *тарткан жөөгүң бөйвөлчөк болуп калды.*

БӨЙРӨК *ал.* 1. тоого чыга турган тажылуу өсүмдүктүн бир түрү; *бөйрөктүн маңызы дандай ширелүw бовосо да өзү жакшы;* 2. *нар.* илгерки жамбынын койдун бөйрөгүндөй келген бир түрү; *накта уйутулган күмүш жамбылар: шаңшуур, чачпара, бөйрөк же тай туйак деп бөлүнчү.*

БӨЙҮК: бөйүк–кайык *өзг.* адамдын алды – артына түшүп, ич – койнуна кирип кетме адаты бар киши; *бөйүк–кайыгың шайланып калыптыр* (даяр болуп калыптыр).

БӨК: бөк–бөк *чүй.* бөдөнөнү кондурууга карата айтылуучу сырдык сөз; *бөдөнө учса, бөк–бөк дей бер.*

БӨКӨ *жерг.* буруу, ачуу; *ону кетмен менен жөwөктөргө бөкө.*

БӨКӨЙ *тоң.* жалгыз аяк, эч ким билбес, жашыруун; *бөкөй жолго салган дейт.*

БӨКӨЛӨК *батк.* сайгак; *бөкөлөк тийсе, паанага – бекинөw жерге кирип кетет* ("бөгөлөк, бөкөнөк" болуп да айтылат).

БӨКӨЛӨКТӨ *батк.* сайгактоо; *сыйырлар өwзу чөпкө тийвей бөкөлөктөп жөнөдү.*

БӨКӨНӨ *акт.* кичине баланы эркелетүүдө колдонулуучу сөз; *бөкөнөм, медерим, баш дегениңен сенин!*

БӨКӨНСҮ *чүй.* эрдемсинүү, кыйынсынуу; *сен бөкөнсүвөй эле кой, мына мен бөкөнсүсөм болот.*

БӨКӨЧӨЙЛӨ *базк.* орду жок коркутуп, эликтеп шылдыңдоо; *алдыдагысын бөкөчөйлөп келекелевесин.*

БӨКТӨРГӨ *чүй.* куш – бүркүттүн чеңгелине илинген жандык; *бөктөргөсү бар куш көрдүм.*

БӨКҮ *базк.* сасык кекирүү; *ашты көп жеп, бөкүп каптыр.*

БӨКҮРТ *суз.* өкүртүү; *сырга тойго барвай койсоң бөкүртпөс.*

БӨКҮРҮК *суз.* бакырык; *чөмүч сап менен койсо, бөкүрүк чыгар.*

БӨКЧӨРҮЛ *жумг.* бөкчөйүлүү; *элүү үчтөмүн деди кыркмачы бөкчөрүлүп.*

БӨЛГӨК *ал.* бөлүп жибергич; *жолдоштору бөлгөк кишини жолото койвойт.*

БӨЛӨГӨНЧ *алб.* бөлөөнөк; *түлкү эйтэт ки, бөлөгөнч болсо, белге барып тур деп.*

БӨЛӨӨК *ал.* бөлүп ийме; *туwгандарыны башка бөлсө, бөлөөк деп жаман көрөттөр.*

БӨЛТӨ *батк.* кыска, жалпак бойлуу, толук; *ону бөлтө Пирмэт дейт эде.*

БӨҢКӨ *жжол.* керосин куюучу идиш; *май бөңкө кайда?*

БӨӨЖҮ *ыск.* бызгуу; *таштан ташка каравай бөөжүйт ко, бу жорго?*

БӨӨНЧӨК *батк.* мөөндөй болгон жоон эмчек; *эчкиде бөөнчөк болову?*

БӨӨРҮ а **бөөрүнүн баары көк, жесе йэм owзу кан, жевесе иш owзу кан** *пам.* орду жок жемеге карата айтылуучу туюнтма; **жамгыр көргөн бөөрү** *жерг.* такшалган, жакшы – жаманды башынан өткөргөн деген мааниде айтылуучу туюнтма; *иттин улуганыны бөөрү эшитпес, бөөрүнүн улуганыны теңир эшитпес жерг.* **кавырга жүнүнү гапсайтып бөөрү арыгыны билгизбейт** *жерг.* сабырдуулук, намызкөйлүк, чыдамкайлык кылууга карата айтылуучу туюнтма; **тышыдан кой, ичиден бөөрү** *жерг.* жөргөмүштүн жөтөлгөнүн билет.

БӨПӨЛӨК *тторо.* кайырмактын калкытмасы; *тиги бөпөлөгүң эмне чөгүп туруп алды?*

БӨПӨТАЙ *чүй.* жаш балага эркелете кайрылганда айтылуучу сөз; *бөпөтайым, кымбатым, ак тилегим! бөпөтайым – максатым өмүрдөгү, бөпөтайым чаңкаган мөлтүр булак; бөпөтайым – жаз жыты көңүлдөгү.*

БӨРСӨЛӨЙ *түп., сейр.* бөрсөнүн баласы; *бөрү баласы — бөлтүрүк, бөрсө баласы – бөрсөлөй.*

БӨРТӨ *түп.* 1. унаа үчүн урунган жылкы; *ата салты менен ат тартканыңызга ыракмат, бөртөңүз өзүңүздө калсын*; 2. **бөртө – бөртө** *тторо.* эти толук, тоголок чалпоо; *бөртө – бөртө бөртөлөр э...эй, бөртө байтал, сур тайлар э...эй...*

БӨРТӨЛҮК *тал.* кемчилик; *бөртөлүктүн салдары ошо.*

БӨРТҮК *кочк.* өсүмдүктөрдүн бүр чача турган жериндеги кичине тоголокчо; *бөртүк алган гүлдөр тунук экен.*

БӨСКӨЛӨ *жерг.* бөксөлөө; *бөксөлөп койуң, бовосо колу жакаңдан кетпейт.*

БӨКСӨРТ *жерг.* бөксөртүү; *көңүлсүздүн көзү көр бовой, ону бөскөртпө.*

БӨТӨГӨНӨ *өзг.* бөтөгө; *күн көрөмүн десең эрте тур, көп ишиң бүтөт анан бөтөгөнөнү дә тазалап кой* ("бөтөкө, бөтөкөн, бөтөкөнө" болуп да айтылат).

БӨТӨКӨЙ *түшт.* бөйтөгөй; *бөтөкөй кыздар менен балдар.*

БУWГАН *батк.* ээ – жаа бербегендик; *буwган чуwда калды.*

БУWГУ: баш буwгу *жерг.* кичине жоолук; *баш буwгувуз – кичик оромол.*

БУWДАЙ: а **жерге буwдай түшүрвөс кекилик келин дешеди** *жерг.* сөз бербеген чечен, өзүнө эч кимди теңебеген келинге карата айтылуучу туюнтма; **ой, үйүңө буwдай толгур**! *пам.* таң калганда айтылуучу сөз; *ой, үйүңө буwдай толгурдун ырдаганыны! Элдин бээрини магыруп кылып тәшәди.*

БУWЛУ *батк.* муунуу; *кой буwлуп кавас үчүн алка жасашат.*

БУWЛУК *ал.* кирилдөө; *муз кемирип жеп жатып, буwлуккан онун товушу.*

БУWМАЧЫ *зам.* тамактын басма оорусун дарылагыч; *буwмачы кевесе йә довушуга каравай гәп ургусу бар.*

БУWУКТУР *алб.* дүүлүктүрүү; *сезим алоwу кыз денесин буwуктуруп живерди.*

БУWУЛ *батк.* муунуу; *кой буwулуп кавасын.*

БУWУН: бир буwуну жок *ноок.* жетим, өксүк адам деген маанидеги туюнтма; **көзү буwун кирүw** *пам.* жүдөө (бул мааниде анын "көзү гарыш кирүw" деген вариант да колдонулат).

БУWУРЧАК, ТАШ БУWУРЧАК *ал.* узундугу 60 – 70 см келген, өзү буурчак сымал дан алып, жалбыраktуу келген өсүмдүктүн аты; *таш буwурчак суw бойуда өсөт.*

БУВА *лейл.* апа; *бува муну қайда койойун.*

БУВУК *пам.* топоздор жакшы көрүп жей турган өсүмдүктүн аты; *бувук Кызыл–Артта болот, сейрек чыгат.*

БУГАКТА *кочк.* жаңыдан бөлтөйүп чыгуу; *гүлдүн бөртүгү бугактап ачылып келе жатат.*

БУГАЧАҢ *пам.* буга дейре; *бугачаң айды этек менен жапып бовос дегенди эшитпепмин.*

БУГУ *ноок.* алкымдан кысуу; *бугуп, мойнудан байлап, терекке ас!*

БУДААТ *тал.* эш, караан, такоол, жөлөк, медер; *авышка муну жанына будаат көрөт.*

БУДАМКАЙЛА *тторо.* будамайлоо, жазгыруу; *ушунча кишинин көзүн будамкайлагысы бар ой мунун!*

БУДАШ: адаш–будаш *чүй.* адашып жүрүү; *адашып–будашып түн жарымында келиптир.*

БУДӘГИ *жерг.* аныk, чын; *бу әйткәниң будәги гәп.*

БУДОО *тторо.* көздүн начарлап көрүшү; *менин көзүм будоо.*

БУДООЛОН *тторо.* начарланып калуу; *будоолонуп көрө албай жатам.*

БУДУРДАН *чатк.* мурунку учурдагы кездеменин бир түрү; *будурдан кийген жеңелер булкпачы колум сөгүлөт.*

БУДУРМА *батк.* тоонун зоокалуу, бурчуктуу келген жери; *мени көргөн кийик будурма менен качып кетти.*

БУЖУГУМ *зам.* сөксөөл сыяктуу келип, бирок андан бийик өсүп, мөмө байлай турган өсүмдүктүн аты; *калакыт бервей нары тур, бужугум чыгып көрсүн* ("бужум" болуп да айтылат).

БУЖУМ *батк.* кара жыгачтын

тик түз өсүп, төбө жагы конус түрүндө келип, бутактары төмөн ийилген түрү; *кайрагачты биз сада жана бужум деп бөлөвүз.*

БУЗААК *ал.* бузаанак; *олордун ичиден бузаагы шол.*

БУЗАГАНЧ *алб.* бузаанак; *берки өйүздүн жылкысы бака–бука бузаганч.*

БУЗАР *пам.* бузуку; *кийиз–палаç жасаарда бузар адам бовосун.*

БУЗГУК *ал.* бузуку; *бузгуктугудан жаман көрүнүп жүрөт.*

БУЙГАК *пам.* жабышкак; *бу ыштатка әбжирәәк киши керек, ow буйгак!*

БУЙДУҢ *тал.* ойпот; *Күркүрөw cүwдун бойунда ойдуң бар, буйдуң бар.*

БУЙРУ: кайра–буйру *пам.* үстөккө – босток; *дәйим менин мингеним кара жорго, кайра–буйру камчы уруп кирдим жолго.*

БУРДА: тердеп–бурдап *тал.* тердеп – чардап; *балдар тердеп–бурдап жүгүрүштү.*

БУЙПАЛАКТА *ал.* барпырап, үйрүлүп өлүп кете жаздоо; *улардын мекиси буйпалактап чөжөсүн кыйын коруйт.*

БУЙРАК *жерг.* уча; *тээтиги аксакалга буйракты тарт* (кой этинин мүчөсүнө карата гана айтылат).

БУЙРУГУЛУК *тал.* буюрган нерсе; *ушу маанек буйругулук кылсын.*

БУЙТКОО *чүй.* буйдоо; *буйткоого барып чымчык жыйын кыла койушту.*

БУЙЧАТ *акт.* илгиртүү; *муну ал буйчатпай түшүнөт.*

БУК *атб.* төөнүн чөгөрдө чыгарган үнүн туюндурган сөз; *чөк дегенде бук деген* (таб. төө).

БУКАЛАШ *алб.* тай чыкма жаш бука; *букалашка зыйапат барвы.*

БУКТАН *кочк.* мыжуу, эзүү; *ушул ойго келгенде жүрөгүм буктанат.*

БУКТУ *ыск.* бук; *ал байбиченин ич буктусу чыга түштү.*

БУКУЛУ *алк.* кийиктердин моюн этинин май басып толгондогусу; *кийиктер семиргенде музга, кара кумдун үстүнө жатат, ошондо букулу болуп калат.*

БУКУР *кочк.* жоон кыска, чолок, тоң; *букур мойун, чап жаак, бастек бой неме.*

БУЛА I: шала–була *алб.* тымтыракай; *жан жыгачтарды, тегерчектерди шала–була кылып ташташтыы.*

БУЛА II *чүй.* коюланып сызылып агып чыгуу; *куйган сементиң булап кетти да.*

БУЛАВ *алб.* жалбырт; *от бир заматта булав деди.*

БУЛАЙ: көздөн булай *пам.* көз көрдү; *эптеп эле көздөн булай кылыптыр, кийген күнү эле бовой калды;* **көзүң булай** көз эле көрүнбөсө; *көзүң булай болсо ле үй ичи чаң тополоң.*

БУЛАЙЫТ *жетг.* өтө супсун агытпагандык, оборду анча ача бербегендик, тамакты өз өлчөмү менен гана жегендик; *булайыт оокаттана жүрүп көнгөнмүн да.*

БУЛАМА *ал.* 1. буралып, оролуп өскөндүк; *Алайдын чөвү булама, бетине таштар гулама;* 2. кой, уйдун этинен түрдүү татымал сиңирилип, үстү – үстүнө ачык суу сээп, тоборсуганда ун же талканга урунтуп, анан чок табына бышырган шишкебек; *буламанын гөш–корушунун кысавы шәшликтей эле.*

БУЛАРКЫ *ал.* тентимиш аял; *буларкы учкан деген жер бар.*

БУЛАРЫ *тал.* мунарыктоо; *ыскаарга буларып, кырowлоно түшкөн окшоду.*

БУЛГА *пам.* иштетип чыгаруу; *илгери кара самын булгашкан.*

БУЛДА: олдо–булда *түнд., эск.* ырым – сырым; *олдо–булдасын оозунан түшүр!* (азыр бул сөз эскирген).

БУЛЖАК *ыск.* алжактап – булжактаган; – *өф, кевездей болгон алаканың укмуш ээ деди тиги булжак.*

БУЛЛУК *батк.* демигүү; *атты чапканда ак көвүгү чыкса, жолдо буллугуп калат.*

БУПСУГУН *батк.* мистеден ажырап чыккан зат; *бупсугун бадамда болову, пистеде болову?*

БУРА: ара–бура *чүй.* ара – чоло; *ара–бурада каалга ачылса, сыртка жүгүрүп чыгат*; **бура–тере** *кочк.* бир азга кылчак кылуу, күтө калуу, буйдала түшүү, ара – чолоо кылуу; *алар кымындай бура–тере карабай аны алып жүрүп кетишти.*

БУРААК *ал.* буруп ийме; буруп жиберме; *бураактыгы өтүп кетти шонун!*

БУРАГАНЧ *алб.* бураанак; *безип кеткен кырк аркары бураганч.*

БУРАГАЧ *ал.* буранаак; *суwgу ич койо бервей турган бурагач болду.*

БУРАМА *сүл.* камыры бир аз катуураак жуурулган, ичкелигин сөөмөйдөй чойгон, анан бурап – бурап кызыган майга көлкүтө салып бышырган куймактын түрү; *бурама жасарда унун жылуу сууга жуурат*; **бурама патыр** *сүл.* даяр камырдан үзүп алып чоюп, тегиздеп бурап – бурап, анан чеккич менен ар кыл түр салып, үстүн каймак менен жукалап сүртүп, зире, сейдана, зирк, көкнар урук сээп бышырган нандын түрү; *бураманы да кызыган тандырга жават.*

БУРВА *ал.* бою бийик өскөн өсүмдүктүн аты; *бурвага бойун жашырып Мураталы эр келди, айла жоктон көтөрөт алданын салган парманын.*

БУРГАКТА *атб.* бурганактоо; *кар бургактап туруптур.*

БУРГУЙ I *акт.* өйдө карай чыйратылып чимирилген; *бургуй мурутун калдайтып, чекир көзүн тикирейтет.*

БУРГУЙ II *тал.* оргуп эрий; *бургуй–бургуй сүйлөсө, бурулдап сөзү бир сонун.*

БУРДА I: көпчүлүк бир муштан берсе өлтүрөт, бир бурдадан берсе тойдурат көпчүлүк деген кыйын, көпчүлүк деген көл деген мааниде айтылуучу туюнтма.

БУРДА II *алб.* акчыл; *бир бурда арык жүзү жаңы кийимденби, бүгүн өтө ажардуw.*

БУРДА III *тал.* күйүк, энтик; *ал тердеп, бурдап сүйлөдү.*

БУРМА *батк.* коондун тилип – тилип как кылып бурап сактап койгондогусу; *коwундун кагы бурмадайсың, көзгө койгон сурмадайсың*; **бурма кара** *батк.* жалбырагы майда келип, тоонун шагылдуу жерине жайылып өсүүчү өсүмдүктүн аты; *бурма кара сыныкка дәри* ("кара бурма" болуп да айтылат); **кызыл бурма** *пам.* бийиктиги он см. келип, топ болуп өсүп, кызыл гүл ача турган өсүмдүктүн аты; *кызыл бурма таштардын арасыда өсөт.*

БУРЧТАМА *түп., сейр.* кандайдыр бир документке кол коюп, уруксаат бергендик; *ал бошосун деп бурчтама салды* (азыр бул сөз колдонулбайт).

БУРЧУГУЙ *ыск.* бурчуюп көрүнгөн; *ой, бурчугуйум ой, бурчуйбай жүрчү.*

БУСА: аса–буса *ыск.* чалгырт; *көзү эмне аса–буса болуп калганбы?*

БУСУ *тал.* мына мунусу; *мына бусу чоңойсо экен.*

БУТТАКЕЙ *ыск., чүй.* бутташып кеткендик; *чата тайдай кошкуруп чапаныңды буттакей кылып жүрвө.*

БУТУЙ *тал.* бултуюу; *терини ашат десе, бутуйуп калды.*

БУТКУЛ *тал.* бултук; *буткулуң билтени койо алар бекен?*

БУУГУЧ: чеке буугуч *атб.* кичинекей, жука бар байлам жоолук; *чеке буугуч көбүнчө ак материалдан болот* (кээде ал "чеке таңгыч" деп да айтылат).

БУУДАЛА *акт.* бир колдон бир колго өткөрүп, будамайлап жашыруу; *бир топко буудалап аркасына катты.*

БУУЛАМА *түшт.* чийдей тууралган этке пияз, сарымсак кошуп кууруп, ага бир аз ун чайып, анан жумуртка, сары май куюп, кызыган көмөчтанга бышырып, үстүнө буура тосулган жусай менен капустаны, жаңы бадыраң менен пиязды туурап, ачык суу менен туз сээп жасаган салат; *бууламага ашкөк да, бир-эки чымчым калемпир да кошулат.*

БУУМА *кочк.* агын суунун тосугу, тосмосу, буулган жери; *буумага чалкыган суу октос берди.*

БУУНАК *пам.* "шамалбакты" бекитип туруучу муунак-муунак келген темир зымча.

БУЧАК *акт.* бул убак; *бөлөк киши бучакка баласын теттейтпейт.*

БУЧУ: очу-бучу *ал.* ана-мына, тиги-бу; *очу-бучуңду койо калың.*

БҮВҮН *алб.* таене; *бүвүн кийиз жайып жатыры.*

БҮТӨГӨНЧ *алб.* бүтөөнөк; *белгисиз болду кеткениң бүтөгөнч.*

БҮГҮНГӨЧӨКТҮ *жерг.* бүгүнгө чейин; *бүгүнгөчөктү шорону билвей веке.*

БҮГҮНҮСҮГӨ *зам.* бүгүнкүсүнө; *бүгүнүсүгө шул аган отунувуз жетет.*

БҮГҮҮ *атб.* бүгүш; *көчүү-конуудагы тигүүдөн, бүгүүдөн качышавы дейм.*

БҮДҮҢ *өзг.* будөмүк, чала; *бүдүң кылып толук айтпады.*

БҮДҮЛ *өзг.* үрүл-бүрүл; *таң бүдүүл болгон кезде кийикке жөнөп кетишти.*

БҮЖҮКТӨ *чүй.* бүжүндөө; *көсүнө тике карай алвай бүжүктөдү.*

БҮЗҮВҮК *батк.* өң-сыяктан, өң-алаттан кеткендик, бузулуп тургандык; *үйү тар, эпти-пәшәнәси бүзүвүк, зорго түлкү айакташкандай.*

БҮЙӨЛҮҮ *чүй.* эң бийик, татаал; *үч бир тууган күнүмдүк жерде, үн жетпеген бүйөлүү белде.*

БҮЙТ: бүйт-шүйт *чүй.* үн туураган сөз; *колун шилтеп бүйт-шүйт деп ышкырып койду.*

БҮЙҮН: бүйүн-түйүн *батк.* майда-чүйдө базарлык; *бүйүм-түйүмдөрүм калып кетиптир.*

БҮЙҮР *чүй.* камбыл; *тиги киши бүйүр адам экен, үйдүн чавагын оңдоп кирди.*

БҮКӨМАЛ *кочк.* түкшүмөл; *уу мунун түбү кантээр экен деп, өзүмчө бүкөмал болдум.*

БҮКТӨЛ *зам.* көз жумуу, дүйнөдөн кайтуу; *– вой-вой, мүчөлүңдө бүктөлдүң.*

БҮКТӨМӨ *чүй.* опурма мылтык; *бүктөмөнү бүктөп туруп октойт*; а **бүктөмө кэмпир бүктөлүп, өлүгү нарга жүктөлүп** *пам.* табалоо иретинде айтылуучу туюнтма.

БҮКҮ *чүй.* бүкчүйгөндүк; *бүкүп отура бергенди бүкү дейт.*

БҮКҮЛҮ *тторо.* шок, тентек; *ой, тириңди карап бүкүлү болсоңчу теги.*

БҮКҮРБҮК *ал.* бүкчүйгөндүк; *бардан бетер сыйкырлап шорпо берчиңер бүкүрбүк этип.*

БҮКШҮ I *жжол.* жаңы бузула баштаган сасык; *бүкшү эттин жытын алгансып мурдун чүйүрдү.*

БҮКШҮ II *жжол.* арамзаа; *арийне, зилинде кыйанат, нары бүкшү.*

БҮКШҮК *чүй.* сасык; *ак толмочтун бүкшүгү жок.*

БҮЛӨЛҮҮ: чөп бүлөлүү кес *акт.* чөптөрдүн абдан бүрдөп турган учуру; *койо берсе агытып чөп бүлөлүү кесинде.*

БҮЛҮҢГҮР *чүй.* үлбүл – бүлбүл; *бүлүңгүр жарыктан көрө албай койдум.*

БҮРКҮТКАНАТ *пам.* кандайдыр бир чоң канаттын элесин берген сайма; кештенин аты; *үч әйләнсам дә бүркүтканатты бүтүртөм.*

БҮРӨWГҮ *тал.* бирөө; *бүрөwгү кара бywгайга кетти.*

БҮРТҮМ *ыск.* абдан кымбат; *не деген асыл бүртүм топурагың, сен андан болвогонду болтурасың.*

БҮРЧӨ *кочк.* кичине бүдүр; *бүрчө – бүрчөсү бар гүлдөр чыпыйып турат.*

БҮТКӨК *ал.* бүтүп ийме, бүтүп жиберме; *бүткөктүгүнү көрсөтүп тез аткарып жүгөрдү.*

БҮТӨГӨНЧ *алб.* бүтөөнөк; *бекер го болду келгеним, бүтөгөнчүм.*

БҮТӨГӨЧ *ал.* бүтөөнөк; *ишти, чала – була бүтүргөн бүтөгөч болуп көрүнбө.*

БҮТӨӨК *ал.* бүтөп ийме, бүтөп жиберме; *кой, теле бүтөөк болуп чыга келет ой!*

БҮҮЗӘЙЛИ *батк.* он эки кыз болуп кол кармашып туруп: "бүүзәйли – бүүзәйли, он экитә кыз әйли, мәшинәгә чыкканда гүл әйли..." деп, анан колдорун өйдө көтөрүп, кимиси кечигип калса, калган кыздардын чаташкан колдорун ажыратууга аракет кылып ойногон оюндун аты; *бүүзәйли ойночу эдик.*

БҮЧҮ *чүй.* тогончордун баласы; *кыстан жээн, жээнден тогончор, тогончордон бүчү, бүчүдөн – чүвүрө.*

БЫГЫ I *чүй.* барсуу; *этти жайып койчу, быгып калбасын.*

БЫГЫ II *ыск.* эттин жай кайнап бышуусу; *быгып кайнаган эт таттуу болот, сорпосу ширелүү келет.*

БЫДЫ *батк.* ана – мына, тиги – бу деп койгондук; *теги онун быдысы түгөнө веке?*

БЫДЫРА *зам.* быдылдоо; *сен тазза быдыраңдадың го.*

БЫЗЫЛДА *тторо.* чый – пыйы чыгып чырылдоо; *эки ортодо бызылдап ковурап жүрөт.*

БЫЙПЫЙ *түнд.* бодонун жаш сулп этинен, боору менен бөйрөгүнөн, жүрөгүнөн ич майга куурулуп жасалган куурдак; *быйпыйды ысылык катары жешет.*

БЫЙТ: быйт – быйт *кочк.* кичинекей козу – улактын сүзүшкөнүн элестеткен сөз; *быйт – быйт этсе, тумшуктары урунат, э.*

БЫЙТАЙ *батк.* жаш баланы эркелетүүдө колдонулган сөз; *быйтайым ow, быйтайым, кайда барасың?*

БЫЙТЫЙБАЙ *жумг.* кичине баланы эркелете кайрылганда колдонулуучу сөз; *быйтыйбай деп эркелете берет бөбөгүн.*

БЫЙТЫҢ: быйтың – тыйтың *кочк.* мыйтындагандыкты туюндурган сөз; *эне боорун быйтың – быйтың сүзө берди.*

БЫЙЫЛГАЧАКТЫ *жерг.* быйылкыга чейин; *быйылгачакты шуранын өскөнүнү көрвөптүр.*

БЫКЫЛДА *ал.* эзиле күлүү, бүлкүлдөп күлүү; *айавай бир быкылдады.*

БЫКЫМ *тторо.* алкымдын жогор жагы менен кулактын түп жагы; *атала ичсе, быкымынан көрүнөт деди.*

БЫКЫМДА *тторо.* "быкымдан" алуу; *быкымдап живергиң бар да.*

БЫЛЖЫҢДА *ал.* былжыроо; *былжыңдавай отура берчи.*

БЫЛТЫКЕ *чүй.* былтыйып копкоюу болуп калган; *отун өчүрүп койбойсуңбу, тамагың былтыке болуп калат.*

БЫЛЧЫК *түп.* былчыйып балчыйган; *оо, былчык, живиң татоо болуптур, оңдоп алсаң боло.*

БЫЛЧЫКЕ *түнд.* былчыйып көрүнгөндүк; *байагычы, байагы өзүң билген, тим эле былчыке, баса албай калыптыр.*

БЫПЫЛДА *атб.* быдылдоо; *быпылдап көп сүйлөгөн неме окшойт.*

БЫРЧЫКТА *пам.* көгөндөө; *балдарыңдын күнүнү көргүр, ону бырчыктаңчы.*

БЫРЫНДЫ: бырынды – чырынды *тал.* ыпыр – сыпыр, ирик – чирик, таштанды – маштанды, көр – жер; *бырынды – чырынды менен толтургула чуңкурду.*

БЫТАЛАКАЙ *алк.* ботала – сотала; *сүрөт ачык болбосо, кайра тартканда быталакай болуп калат.*

БЫТКЫЛЫКТАТ *чүй.* ар кошкон ыпыр – сыпыр менен булгоо; *чынынын ичин быткылыктатпай таза жуу.*

БЫТЫ: быты – быты *атб.* ун – талкандан жасалган тамактын бышкан кезде коюуланып бытылдашын элестеткен сөз; *быты – быты быламык, биз да ушундай кылалык.*

БЫТЫРА *тал., сейр.* майда боорсок; *бытыра бышырсам, увайымдаш болот белең?;* **нан бытыра** *акт., эск.* илгери бирөөнүн күнөөсүн, айыбын кармоо, ачуу үчүн ар кимдин атын кагазга жазып, бир үзүм нанга кошуп жеп, ким какаса ошол айыптуу деп тапкан ырым; *нан бытыра кылуу ырымдары болгон* (азыр бул көрүнүш жоюлган).

БЫЧАГАНЧ *алб.* бычаанак; *эшек эгер бычаганч.*

БЫШААЛА *акт.* быш – быш этип ыйлоо; *болду, карачы бөвөгүңдү, бышаалаганы турат.*

БЫШАГАНЧ *алб.* бышаанак; *ыңырчак минген бышаганч.*

БЫШКЫ *пам.* маңка; *бышкы болсо, маңырow болсо, онон ол мажилиске бара веде?*

БЫШТАК *алк.* жалбырагы тегерек майда келип, ак өзөк алып, тоголок бүр байлап өскөн өсүмдүктүн аты; *быштактын тамырын жулуш деле кыйын.*

БЫШЫТ *ош.* бир нерсени бекемдеп тартуу; *Турду атынын артайылын бышытты.*

– В –

ВАЖ *лейл.* туура, эп, макул; *бу гәвиң – жүдә важ гәп.*

ВАЙ–ВАЙ *батк.* коҡуй; *вай–вай онону имне деп гәлдирәйт, уктуңбу?*

ВАЙРАН *базк.* таш талкан; *сел каптап о жерди вайран кылып кетти.*

ВАКТЫ *батк.* эрте, мурда; *вакты де көзүгө кирип алыптыр* (эрте эле ич койнуна кирип, чыйкан болуп алыптыр); **вакты куш** *зам.* жыргал; *олвакты куш адам дә, асавасы аттанып кетпейт дә.*

ВАКЫТ, (ВАКТЫ) гәнимет *жерг.* убакыт кымбат, убакытты текке, бошко кетирбе деген маанидеги туюнтма.

ВАҢ *ал.* кызуу учур, кызуу кез, кызуу жай, ылдам темп; *иш дә ваң, мәшинә дә ваң.*

ВАПАДАР *ал.* күйүмчүл; *бала кезиден бери вападар чыкты.*

ВАХЫЙА *жерг.* жердин аты; *Вахыйага* (вахыйачыга) **колуңнун учуну берсең, билегиңнер кармайт** ач көздүккө карата айтылуучу туюнтма (азыр бул эскирген); **илим шак–шак, Вахыйа–дара–дара** илим менен капчыгай салаа – салаа, ошондой эле жок жерден ойлоп табыла турган нерсе көп деген мааниде айтылуучу туюнтма.

ВӘЗИР *ал.* жай, тынч; *сиздер вәзир ичиңиздер* (тамак ичүүгө карата айтылат).

ВӘЗМИН: сөйөгү вәзмин *ал.* өлүү, сөөк.

ВӘСИЙӘТЧИ *лейл.* данакер, орточул; *сен вәсийәтчи болор ведең?*

ВӘТӘНПӘРВӘР *лейл.* эл – жерин сүйгөн адам; *көп вәтәнпәрвәрләривиз жанывызда.*

ВОРЕКИ *жерг.* кандайдыр бир нерсенин жетпегендигин билдирүү үчүн колдонулган сөз; *алам десең көп нерсе бар, вореки...*

ВҮЖҮТ *батк.* табына, күчүнө келгендик; *ол авам жүдә вүжүтүгә келипти.*

ВЫЖДАН *лейл.* уят – сыйыт, ар – намыс; *сенде выждан деген барвы?*

– Г –

ГААРГА: гаарга тырмаг *ал.* бийиктиги 10 – 15 см келип, уйгагы карганын тырмагына окшогон өсүмдүктүн аты; *атам этегиге жавышкан гаарга тырмагты алып жатып үн гатты.*

ГАДА: гада байлоw *жерг.* илгери муз жаракалары аркылуу ашуу ашканда жаракага түшүп кетпес үчүн эки колтукка узундугу 2,5 – 3 м келген катуу жыгач байлап алып жол жүргөндүк; а **гадага сайып койгондой** *ал.* былк этпейт, сороет.

ГАЖ *пам.* 1. балит, шалаакы; *өлгөндөй гаж боло койвос*; 2. *ал.* кир; *көйнөгүнүн жакасы гаж бовосун.*

ГАЖЫР: аг гажыр *ал.* өңү бозгуч куу келип, күңгөй тарапта, көбүнчө таш уйгак менен бирге өсүп, ширесиз болуп, мал жесе оозунан ак көбүк куюлткан өңү куу, ичке чөп өсүмдүктүн аты; *аттажыр жәйлөwлөрдө өсөт.*

ГАЗЫЙАВАН *батк.* эрме чөл; *чөлү газыйаванда жашап тоwго кеген.*

ГАЙЫР *батк.* 1. өжөр; *гайыр дә, оwруга каравай туруп кетти*; 2. шамдагай; *олор жүдә гайыр эл, аччык болсо йәм тuwры сөздү әйтәт.*

ГАЛАГУW *ал.* күбүр – шыбыр, опур – топур; *ол көп галагуwду каалавайт экен.*

ГАЛАҢ *зам.* жапкак, жапсар; *үйүңдүн үстү галаң таш, әй, Әйдәнә калам каш.*

ГАЛАТЫЧА *жерг.* кызыктай; *галатыча киши экен ол.*

ГАЛГАЛДА *пам.* чайпалып басуу; *галгалдап баскан галыңдан жеңе ай, кайкалай баскан далыңдан жеңе ай!*

ГАЛДЫРА *лейл.* тантуу; *көп сүйлөп галдырава.*

ГАЛИЙМӘТ *пам.* каниет, канаат; *жан – аманат, дидәәр – галиймат.*

ГАЛЧӨП *ал.* жапыз келип, кичине өсүп, гүл алган өсүмдүктүн аты; *галчөптөн да тере жүр* (бул өсүмдүктүн гүлүнөн бетке кал коюп келишкен).

ГАМПЫЛА *суз.* жибек курту "пилласын орогондон кийин аны ажыратып алгандык; *пилла бастыргандан кийин гампыла онон келет.*

ГАМСАМ *пам.* тыным; *оwзу гамсам алвай сүйлөйт экен, бечәрә күйөwү кандай чыдайт деги.*

ГАНАҢ: өпөң–ганаң *батк.* жай, шашпай; *хас куwрайдын арасыда өпөң–ганаң баратат.*

ГАҢ: гаң–гаң *батк.* зуу – зуу этип үн чыгаргандык; *саар кетет гаң–гаң, кеч келет гаң–гаң, галвырыны токуп келет, акын болуп окуп келет* (таб. аары).

ГАҢГЫР: жөн гаңгыр *пам.* каңгыраган оома; *жөн гаңгыр неме да.*

ГАҢЗА *пам.* кейип – кепчүү; *олоруну әйтип гаңза кылат.*

ГАҢЫТМА *лейл.* каңтарма; *баса гаңытма кып когондойсуң.*

ГАПСАЙТ: а **кавырга жүнүн гапсайтып бөөрү арыгын билгизбейт** *жерг.* сыр бербейт деген маанидеги туюнтма.

ГАР: а **towсуз кар, дowсуз гар бовойт** *батк.* **отко айдаса, күлгө качат;** жакшылыкты унутуп док урат деген маанидеги туюнтма.

ГАРАЗЫЛАН *лейл.* тилектенүү; *нан орогон жешке гаразыланып жатат.*

ГАРАЙ *батк.* сүлкүлдөө; *ол гарайат тә гарайат.*

ГАРАМДА *лейл., батк.* үймөктөө, чөмөлөө; *тәни ыссык болсо йәм пычанды гарамдап жатат.*

ГАРАМЧА *лейл., батк.* кичинекей үймөкчө, чөмөлөчө; *ойункараактыгыдан гарамчадан кулап түштү.*

ГАРГАР *ал.* суюк нерсе менен тамактын алкымын ичинен чайкагандык; *сөөл менен ооздуу гаргар кылат.*

ГАРК *батк.* суу басып, көп болуп, толуп – жайпап кеткендик; *быйыл суw гарк болду*; а **эки кеменин баашыны туткан гарк болор** *жерг.* **эки тоонун башын самаган түлкү ачка өлүптүр;** эки коёнду улаган ара жолдо калыптыр деген маанилерде айтылуучу туюнтма.

ГАРКЫРА *батк.* аркыроо, шаркыроо; *суw гаркырап агып жатат.*

ГАРТ: гарт–гурт *батк.* опур – топур; *чак–чак уруп, кыт–кыт күлүп, гарт–гурт басып, тарс–турс сүйлөп келе жатат;* **дөңөч гарч** *жерг.* "гарч" өсүмдүгүнүн отко какталып желе турган бир түрү; *бу жердеги дөңөч гарч салкын жерде өсөт.*

ГАШ: ашыңа чакырсаң чакыр, гашыңа чакырва *пам.* сыйыңа чакыр, ыр – чырыңа чакырба деген маанидеги туюнтма; **әйткән сөздү гаш алат, жерден сыймап таш алат** *батк.* тил албай жамандык издейт деген мааниде айтылуучу туюнтма; **баштуw уйдун ашы таттуw, бейваш үйдүн гашы катуw** *батк.* адептүүлүккө, ынтымактуулукка карата айтылуучу туюнтма.

ГАШКАР: гашкар чымчыг *ал.* жылкычы кучкач; *гашкар чымчыг гелиптир, жаз болгону шул да.*

ГӘӘЗДӘ *батк.* кээде, кээ бирде, кай бирде; *улакка гәәздә кәттә ле торпок сойот.*

ГӘӘЛГИ *пам.* кайпалактоо; *олор азыр гәәлгип кагандай.*

ГӘӘР *карс.* боёктун күрөң сары түрү; *гәәр деген ыраң болот.*

ГӘВӘЗ *ал.* коңул, буйтка же ар кандай эле жашырынып коргонуп калгыдай жай (зоо, үңкүр, тешик); *кекиликтер гәвәзгә ле кирген эде.*

ГӘДӘ I *пам.* кембагал; *ач бол – гәдә бол, ахыры адам бол, токмун деп жолдо жатпа, ит мүлжүгөн ашыктай болво.*

ГӘДӘ II *батк.* кучактоо; *истәлди гәдәп отур.*

ГӘДӘЙМӘН *батк.* жатакчы; *towgo толоймон, кыштакта гәдәймән.*

ГӘДИК: жемхор гәдик *пам.* бирөөнүкүнө чакыртпай келип, күндө айылчылап, бабырап, анан тамакка кошо аралашкан киши; *о жемхор гәдигиң күнгөйдүн шагыл ташындай неме экен* (өңү жалтырап кararган адам).

ГӘ̀ДОWЛУК *жерг.* сурамчылык; *бечәрәләр илгери гәдоwлук менен тиричилик кыгандар.*

ГӘЖ *ал.* кир, ыплас; *көйнөгүнүн жакасы гаж болуп жүрө бервесин.*

ГӘЖӘК I *батк.* кургак; катып кургаган; *тузду ичип, туз баштыкка чыгып, гәжәк нан нанбы дептир!*

ГӘЖӘК II *лейл.* саамай чачтын жаак – чыкыйга уюлтуп, чамгарак кылып коюлгандагысы; *жаш эле кызга гәжәк койсо жәрәшәви?*

ГӘЖЖӘК *жерг., батк.* өтө кызуу; *гәжжәк экен деп бүрөwгө таш урва.*

ГӘЖИМҮДҮН *пам.* анча бийик өспөй жерге жайылып, бутактап чыга турган өсүмдүктүн аты; *гәжимүдүн да чөп да.*

ГӘЖИР *лейл.* өжөр; *гажир бала боп каганбы?*

ГӘЗӘК: гәзәк таш *зам.* таштын жука келген түрү; *гәзәк таштан дувал курулвайт.*

ГӘЗӘЛ *базк.* шумдук; *оой, гәзәл о...ой, икәрус да Жалал–Авадка келиптир.*

ГӘЗӘН: пәлән–гәзән *батк.*

балан – түкүн; *пәлән–гәзән деп жүрүп акыры кутулуп кетти.*

ГӘЗӘНДӘ *алб.* опкок; *гәзән–гәзән–гәзәндә, онун көөнү казанда* (оюн ырдан; "ywpy – ywpy гәзәндә, эки көзү казанда" деген да варианты бар).

ГӘЗӘҢ: ◊ **өмүрү гәзәң бовосун** текке жашап өмүр сүрбөсүн.

ГӘЛӘ *жерг.* топ, үйүр; *mowго барып гәлә–гәлә кекилик көрдүк.*

ГӘЛӘЛӘ *жерг.* топ болуу, үйүр – үйүр болуп жүрүү; *гәләләп жүрөттөр, какыс–кукус кылып койвосо бовойт.*

ГӘЛӘЧИЛ *жерг.* топчул, үйүрчүл; *гәләчилсиң го, өзүң эле жей бервей үкәңә йәм жегиз.*

ГӘЛБӘЗ *батк.* кем акыл; *гәлвәз адам да боп калат.*

ГӘЛВӘҢ *батк.* алы жок, алы кеткен, чабал; *авгус – алган түшүмүң нагыз, үйүн – иштевегенге кыйын, өктөвүр – отун, сувўн жийә вүр дегенди билсең гәлвәң бовой, мәкәм бол.*

ГӘЛДИР *ал.* ой келди, туш келди сүйлөгөн адам; *о гәлдир ошентип сүйлөй берет.*

ГӘЛДИРӘК *батк.* сандырак, келжирек; *сен оңо ылым санасаң, биле веке, ол гәлдирәгиң.*

ГӘЛДИРӘМӘ *батк.* келжиреме; *жүл кыганды билсе ле богону ол гәлдирәмәнин.*

ГӘМСӘН: owзу гәмсән *пам.* сүйлөөк.

ГӘНЖИЙНӘКАНА *батк.* майда – барат буюмдарды жыйып коюучу үй; *гәнжийнәканадан керкини апкечи, гөш мәйдәләп алалы.*

ГӘНИМЕТГЕРЧИЛИК *батк.* каниет кылуучулук; *ортолук палванды күрөшкө салсак, гәнимәтгерчилик болот.*

ГӘҢ *пам.* кеңкилес; *кайда барарыны билвей гәң болуп турат.*

ГӘҢГӘЛӘС *батк.* кеңкелес, келесоо, кем акыл; *бу гәңгәләс саартан бери кылар ишини билвей шуйетте жүрөвү?*

ГӘҢЖӘЙ *жерг.* делдирөө; *гәңжәйип мында жүргүчө Кандowго кетип кал.*

ГӘП: ◊ **гыркы гәп** *батк.* маңкаланып сүйлөгөндүк; *шо байагы гыркы гәви менен сүйлөдү;* **пухта гәп** *жерг.* 1. так орду менен сүйлөнгөн сөз; бышык кеп; 2. айткан ишинин (сөзүнүн) өтөсүнөн чыккан киши; **гәви–сөзү болуw** *ал.* 1. тили тийүү, жемелөө; *гәви–сөзү болду, о болду–бу болду, эптеп чыдап отурдум;* 2. ушактоо, артынан сөз кылуу; *гәви–сөз болот экен, үйүгө барбай эле койдум;* **гәви–сөзү көп чыгуw** *пам.* дайын боло баштоо, шек алдыруу, билинүү; *экөwүнүн гәви–сөзү көп чыгып каганда ону аштыкка кетирип жүгөрүwдүн әйләсини кылды;* **гәвиң өч** *батк.* урушканда айтылуучу сырдык сөз; *өлүгүңдү көрөйүн гәвиң өч!* (аялдын речинде гана кезигет); **гәп берген – без бербес** *карс.* убада менен кишини алдаган адамга карата айтылуучу туюнтма; **гәвирә берсең гәп жакшы, сүйлөй берсең сөз жакшы** *зам.* кандайдыр бир маекке, аңгемеге ыраазы болгондо айтылуучу туюнтма; **гәп кылары жок** *пам.* аябай көп, мол; *унду шундай көп алып келиптир, гәп кылары жок, баарыга жетет, бозортуп калп айтпәсими билесиз;* **гәп унда эмес, бuwдайда** *зам.* ар маңыздын жакшысы өзөгүндө деген мааниде айтылуучу туюнтма; **гәп учуруw** *пам.* алдыртан тийишип сүйлөө; *эки гәвинин бириде эле какшып–каарып гәп учуруп отурду;* **гәптән гәптин паркы бар оттуз эки наркы бар** *зам.* ар нерсенин өз бөтөнчөлүгү, айырмасы бар деген мааниде айтылуучу туюнтма; **гәпти жәйидә кызыт** сөз дүкөнү учурунда, айтылган жерде

күчөт деген маанидеги туюнтма; **ахмакты урвай–сөкпөй гәпкә сал** эси жокту эбин таап тилге көндүр; **алдыңгы гәп нагыз, кийинги гәп ләвиз** *батк.* биринчи сөз убада, кийинки сөз убара деген маанидеги туюнтма; **анткордун гәви анда–мында, кыйтырдын гәви кыйма–чийме** *базк.* анткордон да куу, амалкөй кишинин амалы көп деген маанидеги туюнтма; **аркандын узуну, гәптин кыскасы жакшы** *жерг.* арканың узун, сөзүң кыска болсун; **жакшы адам тапып гәп урар, жәмән адам капып гәп урар** *жерг.* жакшы адам таап сүйлөйт, жаман адам каап сүйлөйт; **жакшы гәп жәрим дөвләт, жаман гәп жәрим мээнет** жакшы сүйлөп жүр деген мааниде айтылуучу туюнтма; **жакшы гәп каймак, жаман гәп токмок** *зам.* жакшы сөз жан эритет, жаман сөз жан кейитет; **жалган гәптин өмүрү көлтә** *жерг.* калп сөздүн казаны кайнабайт; **жатак адамга гәп барвы, ич нерсе укпайт мәйли деп** жеткен жалкоого карата айтылучу туюнтма; **кийиз кулакка гәп әйтсаң синип кетет, мүйүз кулакка гәп әйтсең чәрт этип чыгып кетет** *пам.* сөздү угар, түшүнөр, билер кишиге айт деген маанидеги туюнтма; **коно жатпай гәпкә тойвойт, устукан жевей гөшкө тойвойт** *жерг.* көп сүйлөп соргоктонот деген маанидеги туюнтма (какшык маанисинде); **сокурга жол көрсөтүп, кәрәңгә гәп угуздуңбу**? *базк.* болбогон ишти жасаган кишиге нааразы болгондо айтылуучу туюнтма; **тәвәкәл гәп урганча, талкан жегин тойгуча** *жерг.* ойлонбой сүйлөгүчө онтоп отур; **туwры гәп кулакка жагат** *пам.* туура сөздө тууган жок деген маанидеги туюнтма; **хәммә гәп пысмыктан чыгат** *жерг.* кептин баары жылжытып сүйлөгөн кишиден чыгат деген маанидеги туюнтма; **ысык–сuwук гәп өтүw** өйдө – төмөн айтышуу; *арадан ысык–сuwук гәп өтүп, экөwү бөлүнүп кеттилер*; **эзме гәвини эки әйтәт, тантык гәвини дагы әйтәт** *зам.* эзме, тантык сүйлөгөн кишиге ыраазы болбогондо айтылуучу туюнтма; **эл чогулган жерде гөш бар, гөш бовосо гәп бар** *ал.* эл бекер чогулбайт, же этке, же сөзгө чогулат деген маанидеги туюнтма; **эринсең ишиң ким кылат, уйалсаң гәвиң ким сүйлөйт** *батк.* эринбей иш кыл, тартынбай сүйлө деген мааниде айтылуучу туюнтма; **эшиктен укkан гәвиңди үйгө кирип даттанба** *жерг.* ушак сүйлөбөй жүр деген мааниде айтылуучу туюнтма.

ГӘПБӘРДОР *жерг.* сөз көтөрүмдүү; *ондой гәптәрди гәпбәрдор кишиге әйт.*

ГӘПГИЛ *батк.* сөзмөр; *гәпгил адамдын әр сөзүдө бир тузак.*

ГӘРӘГҮW *ал.* кызымтал; *ол гәрәгүw болуп аганбы?*

ГӘРӘҢДӘ *батк., өзг., жерг., лейл.* аңкоолонуу; *онун алдыда гәрәңдәп, онон жавоп берди.*

ГӘРД *жерг.* чопо; *гәрдди койуп, жыз–пызга келиң.*

ГӘРДӘН *батк.* малдын (көбүнчө уйдун) моюн териси; *о сыйырдын гәрдәнини караң*; ◊ *гәрдәнгә өрт кетти суусадым.*

ГӘРИЛДӘТ *лейл.* айлантып көтөрүп уруу (жыгуу, чабуу); *наргыны гәрилдәтип урду эде, тура әвәй калды.*

ГӘРМ *жерг.* ысык, жылуу; *эртеге күн гәрм болот.*

ГӘРТ *пам.* чүкө ойнунун бир түрү; *гәрт ойнойлу* (эки же төрт киши ойнойт).

ГӘТӘГӘ: гәтәгә–гәтәйнә *батк.* өтө ылжыгандык; *кечээ гәтәгә–гәтәйнә боп каган эде.*

ГӘЧӘ *пам.* чулдур; *тили гәчә*

болсо йәм бай уwлу сүйләсүн дешкен эделер о илгери.

ГӘЧӘЛӘН *жерг.* кекечтенүү, кежирленүү, тээжиктенүү; *гилемге бир кәләвә жип жетпейт деп гәчәләнип отурат.*

ГӘЧӘЛИК *жерг.* кекечтик, кечелик, тээжиктик, өжөрлүк; *бу балтырган ажап өсүптүр десем, онуң гәчәлик кылып тескери әйтәт.*

ГӘЧӘТӘЛӘ *батк.* бытмый; *жүзүм жеймин даана-даана, сүйләшкөнүм мейманкана дейсиң, алдында гәчәтәлә го?*

ГӘЧЧӘ *зам.* чоркок; *тазза гәччә экен.*

ГЕНЕН: генен калва *пам.* өзүндү бош койбо, бош таштаба; *козу кошулвайт деп генен калва, сәәл эле көзүң булай болсо, кошулушу гәп эмес.*

ГЕПСЕҢ *зам.* жайык, түз, жылма; *гепсең-гепсең, гепсеңге сuwду сепсең* (таб. бетти жуу).

ГЕРЕЗЕНДИК *батк.* тил азарлык, болбогон ишке катылгандык; *канчык канчыкты талайт, төвөт төвөттү талайт боп герезендик кылды.*

ГӨРӨWЛӨШ *батк.* элдешүү; *ол өкөw гөрөwлөштү.*

ГЕЧКӘӘРИ *чатк.* кечке дейре, кечке чейин; *гечкәәри бирге жүрөт өзүм менен* (таб. көлөкө).

ГИДИ *батк.* эшектин куюшканына тагылган жыгач; *эки ат минген кеч кавайт бовосом дә эшекке гиди жасайм.*

ГИДИҢ: гидиң-гидиң *пам.* орду жок, эби жок; *саңа ким койду гидиң-гидиң ойунду, тым эле жатып жевейвисиң оwуз-мойуңду.*

ГИДИРТ *зам.* токтотуу; *мәшинәни гидиртип турчу, мен үйгө кирип чыгайын.*

ГИЙӘ I: бир түп гийә, бир түп гийәдә отуз эки уйа, отуз эки уйада он эки тукум, о дүйнәгә йәм, бу дүйнәгә йәм керек (таб. пахта, анын косеги, чигиттери, буласы).

ГИЙӘ II *батк.* ичимдик; *алдыга барып сүйләшөйүн десем, гийә тартканбы, күн жүт жегендей гәп урат* (андан – мындан бир сүйлөйт).

ГИЙӘКӘШ *батк.* насымайчы, папиросчу, көкнарчы; *жүдә гийәкәш экен, төрт жолу нас чекти.*

ГИЛДИНДЕ *пам.* 1. асылып саландоо; *таш үңкүрдө бир нерсе гилдиңдеп туруптур;* 2. куюлуп агуу; *балаңнын поталасы гилдиңдевесин;* 3. тынбай эле жүгүрө берүү; *сен гилдиңдей эле беревисиң?*

ГИЛДИРИҢ: сары гилдириң *пам.* топоз менен уйдун этиндеги саргыч калың май; *сары гилдириң жесе жагыштуw болот.*

ГИМИРЕН *батк.* кейип – кепчүү; *колуга туткуза салсам, гимиренип калды.*

ГИҢЧИЛ *батк.* майда – чүйдөгө киришчээк; *эркек гиңчил болсо, уруш чыга верет.*

ГИРГИР *батк.* 1. үстүнө түшө калгандак; *ол тыйындын үстүдөн тагара гиргир болуп кетпесин;* 2. *зам.* тарт – тарт болгондук; *адамдар гиргир болуп жататтар;* **такыйа гиргир** *батк.* топ балдар тегерете тизе тийиштирип отуруп, анан топуну бири – бирине жылдырып, катышып ойногон оюн; *угус ичкенден кийин гиргир ойнойвуз.*

ГИРИФТӘН *жерг.* алгандык; *әтиләстәрди өздөрү гирифтән.*

ГИРРӘ: гиррә-гиррә *зам.* тыгылып өтө көп болгондук; *мәшинагә гиррә-гиррә болуп базарга кеттилер.*

ГОWЖӘЛ *батк.* төмөндөн өйдө карай көтөрүлүп өсүү; *даректар гоwжәлди.*

ГОВ *батк., эск.* арабалардын атайын тизилип (орто аралыгына улак

тартуу үчүн) коюлгандагысы; *Эрматтын аты говдан дәрс тәшеп ашып кетти.*

ГОВГА: ◊ **алдыңгы совда–совда, кийинги совда–говга** *батк.* сооданы адегенде соодала деген маанидеги туюнтма; **Әлишер уwга чыкты, артыдан гоwга чыкты** *пам.* уу – чуу түшүргөн кишиге карата айтылуучу туюнтма; **жетим кыз үйдөн чыкты, артыдан говгасы кошо чыкты** *жерг.* бул да жогоркудай мааниде; *ич жерде ичтеме жок, говганы баштайт паашалар*; **ич кайда ич теме жок совданы баштайт паашалар, йак тавакка самса келсе, оwзума муштайт паашалар** (чиркей жөнүндө) орунсуз ишке карата айтылуучу туюнтма; **эки жакшы бириксе – совда болот турвайвы, эки жәмән бириксе – говга болот турвайвы**? *пам.* ынтымак жана чыр – чатакка карата айтылуучу туюнтма.

ГОВГАЛАШ *пам.* чырлашуу, чатакташуу; *шунчалык нерсе үчүн говгалашпай эле кой.*

ГОВЗАҢ *ал.* сууктун күчөгөн кези; *чоң атанын насылыдан да говзаңды тогото койвос.*

ГОВПИЛЛӘ *батк.* көндөйлөнүп, жарамсыз, жоон түйүлгөн жибек кутучасы; *говпиллә кәттә, начар болот.*

ГОДОНӘЙ *лейл.* кодо, кичине; *годонәй чал әнчә гәлдирәп калыптыр.*

ГОЖ *батк., пам.* селейгендик, аңкайгандык; *гож болуп тура бербей, барсаң*; ◊ **гож мойун** *пам.* көк, өжөр, доюр; *кейкейип тәкти эле баш ийвәсә, гож мойуну шо да* (мунун "әжир жоwоп, таш жаңырык, тил әзәр" синонимдери бар).

ГОЖОЙ *батк.* аңкаюу; *гожойуп жүрө бервей ишиңди кывайвысың.*

ГОЗЕНЕК *батк.* желе, тузактын бир түрү; *пәрәндәчилик пәрмәсидә иштесең дә гозенек салавысың?*

ГОЛГОЛ *пам.* жыкжык, абдан көп; *онавул голгол богон бир корow койву?*

ГОЛДО *пам.* быкбырдай кайноо; *бой–бой, онавул элди, тим эле голдойт.*

ГОЛДОWЧУЛ *ал.* иримчил; *өзүңнөн кәттә әйткәннән кийин көп жowравай голдowчул дегин да.*

ГОПСЕКИ *пам.* бетке айтар; *гопсеки ол айылдын адамыны уйат кылвасын.*

ГОР I *жерг.* ачуулуу, одоно, тез урушкан; *ай асманда жез тавак, алганың кандай гор кавак?*

ГОР II: гор–гор *зам.* 1. ири – ири, чоң – чоң, кесек – кесек, бүкүлү – бүкүлү; *балаң кәттәрип гор–гор сүйлөп каптыр*; 2. *зам.* эшектин баласын жем; сууга үндөгөндө колдонулуучу сырдык сөз; *гор–гор, такайым, гор–гор!*

ГОРӘҢ *батк.* орой; *пәнжәрә савасак, әтәрәпти мал койвойт деди гочу о горәң.*

ГОРДОЙ *пам.* тумшугу ийри келип, чоңдугу чымчыктай келген канаттуунун аты; *гордойдун майы кулакка дары, өзү бозгуч келип, бир–эки саат оwзуну ачып, асманды тиктей берет.*

ГОРОЙ: апта ғорой *батк.* күңгөй, каксоо.

ГОРОК: доңуз горок *пам.* бузулган, элден – журттан чыккан; *ә деп арак иче берсе, доңуз горок бовойву!*

ЗӘПӘР *зам.* ийгилик, жеңиш; *жолуңа зәпәр тилейвиз, тагын ниме дейсиң.*

ЗӘПТӘР *өзг.* үлгүлүү; *кылыгын бузбай өлгүчө кыйладан зәптәр эневиз.*

ЗӘРӘ: **зәрәси кетти** *пам.* үрөйү учту; *ыквалы жар болуп* (жолу болуп), *ону силккенде наргы палвандын зәрәси кетип калды.*

ЗӘРӘРКҮНӘМДӘ *зам.* зыянкеч; *зәрәркүнәмдә болуп үгрөгбө.*

ЗӘРКАЛПАК *жерг.* сырты абдан кооздолуп, саргыч түстүү алтындалган жип менен саймаланган баш кийим; *зәркалпагы калети көрүнөт турвайвы.*

ЗӘРРӘ *зам.* мүмкүн; *дагы бир мәртә әрәкәт кыл, зәррә чыгып кетерсиң.*

ЗӘХМӘТ *зам.* эмгек; *мен бу жерге канча зәхмәт кыганымды көрүп туравысын?*

ЗЕН *алб.* көз салып тургандык; *бардыгына зен салып отурат.*

ЗЕҢ *лейл.* жүзүмдүн сабагы; *үвәдә бергенден кийин зеңден кесип кел.*

ЗЕҢГЕЛ *ыск.* заңгар; *Әңгилчектин Көк–Жаламасы, Кан–Теңиринин найза учтуу ак зеңгели.*

ЗЕТ *чатк.* түп; *суwнун зетинде көрүнүп туру го.*

ЗЭЭР I *атб.* кемпирлер чачына тагып ала турган эки кичине, анан жалгыз чоң тогологу бар салпылдак кооздук; *зээр менен чолпусун тагынып, билеригин салынып.*

ЗЭЭР II *кочк.* талант; *анын чыгармачылык зээри күчтүү дейт.*

ЗИЙРЕ *жерг.* эни бир – эки см. дей сызмага ар кыл мончоктор тизилип, анан моюнга тагып ала турган кооздук; *анавы кыздын зийреси чирәйлуw экен.*

ЗИММӘ *лейл.* милдет; *ар кимиң өз зиммәңди бәжәр.*

ЗИР: **зир тиле** *кочк.* күсөп самоо; *биздин айылдан да чыкса эмне деп зир тилеп калчу.*

ЗИРӨW *пам.* кыпын, учкун; *темирдин зирөwүдөй.*

ЗИРРӘК *лейл.* сөйкө; *эне, кудагыйга әйтиң, кызга дурусураак зиррәк апкесин.*

ЗОВАЛ *пам.* убал; *куданын зәрини кылса йәм* (канчалык өтүнсө да) *мәйдә чымчыкты өлтүрүп зовалыга кавагыла.*

ЗОКОК *атб.* тоонун кыр – чокусунда, бетинде, боорунда өзүнчө бөлүнүп, жогору чыгып турган таш; *зокок ташка далдаланып, карааның үздү.*

ЗОМБУЛ *жетг.* узун ичке сүйрү;

биз кечээ аккүпкө барсак, ал зомбул неме бара алвай калды.

ЗОҢ I *пам.* дөбө; *зоңго отуруп зомбулук кыла веде?*

ЗОҢ II *өзг.* чүчү кулак болгондук; *элдин баркыга көрк кошо алвай зоң калды.*

ЗОР *жерг.* күч келгендик, ачуулана түшкөндүк; *саңа не зор келди, тым эле отурвайвысың.*

ЗОРАВАН *лейл.* зордукчул; *ой, сен кайерден зораванысың, ә?*

ЗОРДУК *жжол.* жинигүү; *минтип отурсаң зордугуп өлвөсүн, ал ат.*

ЗӨҢКӨЙ *пам.* дардаюу; *о зөңкөйбөчү, онон көрө кичинекей чилдәширкырдан отун кулатыр* (таб. устара) *дегенди тапчы.*

ЗӨӨКҮРӨТ *тторо.* дөөдүрөтүү; *алтын – күмүштү сурап зөөкүрөтпечи.*

ЗҮЙТ *чүй.* ээкти экчеп, ээликтеп ышкырганды туюндурган сырдык сөз;

атты бери тарткыла деди да, анан зүйт деп ышкырып койду.

ЗЫКЫМ *батк.* кордогуч, кордой берме; ызалагыч, ызалай берме; *жүдә зыкым беке, сирә ле балдарыны урсам дей беке?*

ЗЫЛ I *чатк.* былк этпес, козголбос опол; *малдаш урунган калывында олтурганы – зыл.*

ЗЫЛ II *пам.* чылк, чымкый; *зыл кара козу экен.*

ЗЫЛ III *пам.* түк, такыр; *зыл билвейм.*

ЗЫЛЫЙАТ *пам.* жек – жаат; *зылыйат богондуктан барып жүрөт.*

ЗЫММАН *зам.* милдет; *зымман аганнан кийин бәжәр.*

ЗЫМРАШАН *ал.* өтө бийик, эң улуу (тоого карата); *зымрашан тоw Алай–Памирде.*

ЗЫНДА *алб.* томолой жетим; *ата–энеси болвосо зында дешкен.*

ЗЫНДАН *тторо.* тоонун, көбүнчө зоо жердин жолу татаал, тик, этеги чуңкур жери; *зындан жерден коркуп өтүп, коркуп барасың да.*

ЗЫҢ *чүй.* укмуш сонун, мыкты; *өсүү жоош болгон менен уйуштурган иштери зың.*

ЗЫҢКЫЛДАТ *батк.* челкилдетүү; *зыңкылдата уруп жүгөрвөсүн?*

ЗЫҢЫЛДА *пам.* калтырап үшүү; *зыңылдап кеткенге окшойт.*

ЗЫРК *ал.* кычы; *арпанын арасындагы сары гүл алган кайсы өсүмдүк? – ову, ол – зырк.*

ЗЫРКЫРАТМА *тторо.* бозонун ичкиликтүү келип күчтүү чыккан түрү; *зыркыратманы зыркыратып, шыркыратманы шыркыратып ичет.*

ЗЫЧ *жерг.* тыныз; *бу чадар жүдә йәм зыч токулган экен.*

– И –

ИВӘРӘТ *лейл.* жаралган, ушундай болгон; *тирәкторуң темирден ивәрәт.*

ИВЕЛИК *ал.* чыйыр; из; *ийри–буйру ивелик, учу–кыйрыны ким тават?*

ИГИ: иги–жиги *ал.* илик – жилик; *иги–жигин ажыратып кыйын айтат.*

ИДИР *ыск.* тыптыйпыл кылып бүлүндүрүү; *илгери элди идире чаап карактаган экен.*

ИЖӘТ *зам.* чыгармачылык; *сен имне ижәт кылып жатасың?*

ИЖӘТКОР *лейл.* чыгармачыл; *олор ижәткор халк экен.*

ИЖӘЧИЛ *батк.* такымчыл; *көп ижәчил бово.*

ИЗӘ *ал.* алдагандык; *өзүңдүн сиңдиңе изә берве.*

ИЗГИЛИК I *чүй.* сабырдуулук, токтоолук; *салкын изгилик, сүр даана сесилет.*

ИЗГИЛИК II *ноок.* оңолгондук; *изгиликке бет алды.*

ИЗДЕҢДЕ *зам.* шимшилөө; *көчөдө иттер издеңдеп жүрөт.*

ИЗДИК *ал.* из калганчалык, из түшкөнчөлүк; *издик кар жаады.*

ИЗНЕК *тторо., эск.* илгери жезден жасалган кооздуктун бир түрү; *алтын мөөр, жез изнек алдың эле гүлбегим.*

ИЗНЕЛИК *алк.* төөнөгүч; *изнелигиң барвы, бул жерими төйнөп алайын.*

ИЙ *пам.* күнөө, айып; *ийдин баары ого owgy.*

ИЙӘ *батк.* эмне; *ойакка ийэгә барасың?*

ИЙГЕ *акт.* мүйүздөн жасалган буюмдарга орнамент түшүрө турган аспап; *чеверлердин бычагы же атайын ийгеси болгон.*

ИЙГЕК *ноок.* ийилгич; *кенерсип кулач керген кыштактан бир ийгек нерсе тавылар?*

ИЙГЕРИЛЕ *чүй.* өтүшүп аралашуу, сиңишүү; *бири–бирине ийгерилейт, көп тараптуу болот.*

ИЙЕ *атб.* жактырбай туйтуңдагандыкты туюндуруучу сырдык сөз; – *чык, ййе, кет.*

ИЙЕГЕНЧ *алб.* ийээнек; *ийегенчиңди карачы, билектей кагын жер менен бураңдап баратат.*

ИЙЕГЕЧ *батк.* ие берме; *кеперетинчинин ийегеч аспавы бар веде?*

ИЙЭЭК *жерг.* ийээнек; *кәпәчәгә ийээк жыгачтардан сава.*

ИЙИНДИ *батк.* баш жагы көлмөк болуп, аяк жагынан сыгылып агып чыккан агынды суу; *эки айдан кийин ийинди токтоп калды.*

ИЙИС *түп.* жыт; *арча түтүнү, арча ийиси майланышып коңурсуйт.*

ИЙЗЕ *түп.* ийкөө; *кош кулагын тикчийтип, башын ийзей–ийзей берди.*

ИЙМЕК: иймек кәвәп *ноок.* он беш – жыйырма см өлчөмүндөгү майлуу ичегиге мурунтан даярдалган эттен бир эт, бир куйрук кылып, пияз – сарымсак кошуп ийип жасаган кебеп; *иймек кәвәп жегиликтүw, ширин келет.*

ИЙРЕЛЕ *пам.* шилтегилөө; *гым болсо йәм ийреле.*

ИЙРЕМЕ *пам.* шилтеме; *дәңгәсәң ийремени билер беке?*

ИЙРИК *чүй, ыск.* ийри; *үй тиккен сөйкөң ийрик бекен?* (сөйкөнүн туурасы кууш, бийиктиги узун, башында оролгон күмүш сымдары бар, көк фондогу майда быдырлуу үч бурчтук түшүрүлгөн түрү).

ИК: ик-жик *ыск.* дайын – үч; *акыры ик-жиктерин билгизбей көздөн кайым болушту.*

ИЛӘӘГӘРЧИЛИК *батк.* айлакечтик; *гүнөwүң босо илӘӘгӘрчилик менен кутулам деве.*

ИЛӘӘЗМӘТТҮW *батк.* салттуу; *ә, сен илӘӘзмәттүw адамдан әйланип кет.*

ИЛӘӘЗМӘТЧИЛ *батк.* салтчыл; *бегәнәнин дүмү кысык деген илӘӘзмәтчил да ол.*

ИЛӘӘЧИН *батк.* шамдагай, учкул; *Шәмши тәззә илӘӘчин экен.*

ИЛӘВӘ *зам.* качыргандык; *сага ол илӘвә кылып жатат.*

ИЛӘВӘН *ал.* чемодан; *кана цлӘвән, жолго чыгалы!*

ИЛӘВГИР *батк.* шалы эккен жерге тартылган кырдын жээгин кетмен менен шыбай тартып койгондук; *илӘвгир кылып бүттүм, урукту севе вериң.*

ИЛӘКӘШ *лейл.* амалкөй, куу; *илӘкәштин берген илӘвзини караң.*

ИЛӘКӘШТӘН *ноок.* кууланuу, амалкөйлөнүү; *сен тазза йәм мөлт-мөлт бовой илӘкәштәнбә.*

ИЛӘНДӘРӘ *пам.* жүрнары; *чапаныңы илӘндәрә кыган экен, тез әйрилип кетти, онон ого мышык ийләгидәй болду (*начар абалда калды).

ИЛӘП *зам.* чет; *арыктын илӘвигә жалпыз өсөт;* ◊ **илӘвиңди тиштеп тур** сабыр кыл, чыдап тур ("илӘвиңди жум" делип да айтылат); **төwдүн илӘвини көрүп койон күлөт** жылан ийри экенин билбей баканы майрык дейт.

ИЛӘППӘЙ *батк.* "ооба, ыя, макул, куп» деген өндүү сырдык сөздөрдүн маанисинде колдонулуучу кеп; – *мәәнәт-рәхәттин пайдасы! -лӘппәй, түwры әйтәсиз, мәәнәт кылса – пәйдә кылаттар да.*

ИЛӘТӘ: илӘтә чәйнәр *батк.* тантык; *шундай илӘтә чәйнәр болову?*

ИЛӘТӘПӘРӘҢ *ал. к.* илӘтивә; *илгери бизде илӘтәпәрәң болчу экен.*

ИЛВӘДИМСИҢ *зам.* тыңсынуу; *нары тур, илвәдимсинбәй!*

ИЛВИРЧЕК *өзг.* үзүлөр – үзүлбөс болуп турган нерсе; *илвирчек эле болуп калыптыр.*

ИЛГЕ *ноок.* бирден бөлүп кармалоо, жылдыруу; *арык салаасы менен теспесини илгеп жатыптыр.*

ИЛГЕК *ноок.* илгичил; *ол илгектин азыраак кемтилгеси бар көрүнөт.*

ИЛГЕРЕКТЕ *чатк.* мурунку кезде, мурунку учурда; *оо, илгеректе бир гелин, бир эркек гиши изчи болуп келген.*

ИЛГИ *өзг.* илгичил, илгич; *илги неме кичине пәнжәси менен илип ала койду.*

ИЛГИР *батк.* 1. эпчил; *илгирлер болуп алыптыр бәәри ле*; 2. *зам.* жаш баланын тамагына помидор, өрүк, алма ж.б. кабыгы туруп калганда ошону илип алганга маш киши; *ол илгир онун тамагыдан пийәздин кавыгыны алып чыкты.*

ИЛДӘДӘР *батк.* аманат: *корowдун эшигини илдәдәр кылып жаап койо тур.*

ИЛЕГЕНЧ *алб.* илээнек; *жамбашында owзу барбы, кавакты түгөтүп ирип, илегенч неме, ону йәм карап калды.*

ИЛЕГЕЧ *батк.* иле берме; *кемчилик болсо өзүңдө кайратың бовос белиңде, илегеч.*

ИЛЕМ: илем-салам *өзг.* бир замат, тез, бат; *илем-саламга жетпей жылга ичинде колоттоп кыйан жүрду.*

ИЛӖН: агилен *жжол.* өңү аппак келген илгерки товардын аты; *мурда иленден орончелек жасашчу.*

ИЛЕП: өкүт илеп *ташк.*

нааразылык; *өлвөгөн жанга өкүт илеп өтүп кетет.*

ИЛЕПСИ *тал.* ичтей ачылган кезде пайда болгон обор; *ичким келип, илепсим акты.*

ИЛЕР I *лейл.* чакмак таш ойнунда ташты илип алуу кырдаалы; *үндөвөсөң үйдөй бәләдән кутуласың, отурсаң орун тавасың, гәп урвай, ишиң илер–илериң менен болсун.*

ИЛЕР II *батк.* ооруп тура албоо; *өзүм илерип отурсам, сен сыйыр куйрук кылып салыпсың* (бир нерсени апсайтып чачып жыйбай коюу).

ИЛЕШАР *тоң.* чөп, саман, жем аралашкан алап; *бир аз илешар кылып үнөмдүүлүккө жетишевиз.*

ИЛЭЭ: илээ–шалаа *чүй.* эптеп–септеп; *оокаты илээ–шалаа болбой эле тың.*

ИЛЭЭК *ал.* илээнек; *ой, илээк, ол кара малды кенжүргө әйдәп жүгөр.*

ИЛЭЭҢӘЧ *батк.* илгир, илгич; *ол кандай сөз әйтсәң илээңәч неме илип алат.*

ИЛЭЭЧИЛ *акт.* кыбаачыл, амалкөй; *анткиле–минткиле дешет илээчил аксакалдар бака–шака.*

ИЛИНИП *ал.* атайын арналган нерсе; *саңа илинип гөш ала келем.*

ИЛИШКЕК *ноок.* илишчээк; *илишкек болсоң, о кәмзолуну илишип койчу.*

ИЛК *зам.* биринчи жолу, башында, адегенде; *биз илк бар качан көрүштүк эде.*

ИЛКИС *батк.* кокус; *илкис бир йерде сүүкта касаң, көрдүң дә күнүңдү.*

ИЛКОКУЧ *базк.* илгерки кийим салгыч баштык; *илкокучуң илинбей, туз баштыгың жыйылбай, эмнеге эсиң ооду?*

ИЛЛӘ *жерг.* амал; *менин берген унумду иллә кылдың кудагый.*

ИЛЛӘКӘР *лейл.* эптеп–септелгендик; *бир бәлә кылып илләкәр кылып кой.*

ИЛЛӘКӘШ *лейл.* амалкөй, айлакер; *келин кегениен кийин бәәзим болот, шондо илләкәштик көрөвүз.*

ИЛМЕЙ *жерг.* илмек; *кулпту кулптоw үчүн жасалган зәнжир темирди зулпу, илмегини зулпәйин дешкен.*

ИЛМИДУСТ *жерг.* илимге берилген, илимди жакшы көргөн; *ол ава шунча илмидуст болуптур.*

ИЛМИНОК *жерг.* окумал, окумуштуу; *дүнүйәдә илминок кишилер жүдә көп.*

ИМӘӘТ *батк., эск.* жаат; *имәәт болуп тартышкан* (азыр бул түшүнүк эскирген).

ИМӘЙӘТКӘШ *ноок.* үмүтчүл; боор тарткыч; *имәйәткәштин кара желими пышык катыптыр.*

ИМГЕК *батк.* 1. мингичил; *ол имгекке айуwдан дөңөч жылма жигит болуп көрүнөт* (колдо болгону сулуу болуп сезилет); 2. *ал.* үйрөнчүк; *ат багар буларга имгек аттарды бермек.*

ИМГИ *лейл.* мингичил, мингич; *күлтүйгөн келвек имгисиге име авай.*

ИМЕГЕЧ *лейл.* мине берме; *ой, ол өзү кемиге толо элек болсо, имегечиң менен иши барвы?*

ИМЭЭК *жерг.* минээнек; *илгерки кеми кембагалдар тапып сүйүнчүлөгөндөй имээк аттары богон дейсизби?!*

ИМЗО *жерг.* кагазга коюлган кол; *сен имзоңду койдуңбу?*

ИМИРКЕЙ *батк.* ымыркай; *имиркей жаш баладан ажырагысы кевейт.*

ИМКӘН *зам.* шарт; *жата турганга имкән жәрәтип бергиле.*

ИМРУЗ *жерг.* бүгүн; *кайтып имруз эле кегин.*

ИМСОЛ *жерг.* быйыл; *имсол галла жакшы болду.*

ИМШАП *жерг.* бүгүнкү түн; *имшап мени шунча кара басты, ич уктай авадым.*

ИН: жыланды инден чыгаруw *суз.* шумдануу, куйтулануу.

ИНӘӘТТӘ *батк.* чындыгында; *инәәттә йәм жеткен акылмансың дә.*

ИНДЕ *лейл.* ийиндөө; *инде деп көп гызгырта берве.*

ИНГИЧ *лейл.* мингич; *ол кечээ гәтага – гәтәйнә деп каган экен, ингичиге араң инди.*

ИНЕГЕДЕК *лейл.* төөнөч; *сыйыр куйрук бовой инегедекти берип койуң.*

ИНИКЕЙ *түп.* инике; *иникейи акылдуу чыгып, тилегин бир аткарды.*

ИНСӘН *ал.* алсыз; *жувалыңды көтөрө алавы, өзү инсән экен;* ◊ **инсәнин жеген шерменде** *ал.* урушканда айтыла турган сөз.

ИНСӘПГӘРЧИЛИК *батк.* ысапчылык; *менде богону шо, өзүңөр инсәпгәрчилик менен бөлүштүрүп ағыла.*

ИНТӘЛӘ *зам.* ынтала болгондук; *паловду көп жеп, интәлә боп калды.*

ИРӘӘТ *зам.* береке; *мейнет кывай ирәәт жок.*

ИРӘВӘЖ: ишиң ирәвәж тапсын! *пам.* бактылуу болсун; *көпкө жардамың тийди, балам, ишиң ирәвәж тапсын, жолуң ачылсын!*

ИРӘДӘ *лейл.* эрк; *өз ирәдәң өзүңдө кызым.*

ИРӘЖӘ *жерг.* ирет, тартип; *гәпти ирәжә менен сүйлө.*

ИРГЕЙ *пам.* иреге; *бир карасаң төрдө, бир карасаң иргейде.*

ИРГЕКТЕ *кочк.* талдоо; *анын тиги – бу сапатын иргектей албады.*

ИРИҢ: ириң – бараң *ал. кеч курун; ириң – бараңда келдим.*

ИРМЕЛЕК *жерг.* ирмей берме; *онун көзү ирмелек.*

ИРМЕЧЭЭК *жерг.* көзүн ирмегилей берген; *ол адам ирмечээк экен ээ?*

ИРСӘЛӘ *батк.* 1. ниет, үмүт, каалоо; *әтәйи барып киришке ирсәлә кылып кайтып келиптир;* 2. *эск.* мергенчинин кандайдыр бир аң атарда ичинен кайрып жасаган ритуалы; *әдис ирсәлә кываса, атканы жәрәвәйт* (азыр бул көрүнүш эскирген).

ИСКЕНЕ *пам.* темир устачылыкта колдонула турган кичине кыпчыгыч, кычкач, кармооч; *гәзәмбирдән искене кичик болот.*

ИСМИЙ *батк.* билгизбей аңдуу, байкоо; *үйгө бар, исмийвей.*

ИСМИЙӘН *пам.* купкуу; *ону көрүп, өңү исмийән.*

ИСНӘТ *батк.* милдет; *эл үчүн иштегениңе иснәт кывай жүр, шондо көгөрөсүң.*

ИСПӘТТӘ *зам.* далилдөө; *сен өзүңдүн хак экениңди испәттәп бер.*

ИСТӘК *лейл.* каалаган нерсе; *истәгиң тавылды да, ниме башты әйләнтәсиң?*

ИСТӘЛӘ *батк.* 1. кейип, кебете, өң; *истәләң өчкүр устанын мәкисидей* (шылуун); 2. сурангандык, өтүнгөндүк; *истәлә кылып көрөйүнчү, береви – бервейви;* **истәләси суук** өңү серт; *Амантай истәләси суук бир нерсени жетелеп келиптир;* **истәләси ысык** өңү сулуу, жылдыздуу; *орус болгону менен истәләси ысык киши.*

ИСТЕТ *зам.* каалоо, ниет; *менин бир истетим бар, ол дә босо селердин жакшы жашоwуңар.*

ИСТИРӘХӘТ *жерг.* эс алгандык, дем алгандык; *бүгүн истирәхәт күнүвү?*

ИТИПӘК *зам.* макул, ынтымак; *өзүңөр истипәк босоңор болду.*

ИТКАКА *батк.* чакырып кыйкыруу; *ол иткакады эде, кайтып келди.*

ИТТАПАН *ал.* бою бир метрге жакын өсүп, чоң – чоң жалбырак алган өсүмдүктүн аты; *иттапан*

күнгөйдө өсөт, шагылдуw жерге чыгат.

ИТТИК *ал.* ылдам; *иттик кел, мен сени күтүп отура бервейин.*

ИТЧАВАК *ыск.* суу ичинде эки колду шилеп чабак уруунун түрү; *итчабак урганды деги билет белең?*

ИТЧАК *ыск.* үкүнун бар болгону сексен – токсон грамм салмакта келген кичинекей бир түрү; *бизде үкүнүн ондон ашкан түрү бар, эң жеңили итчак.*

ИТЧЫМЫН *батк.* сары түспөл келип учуп жүрө турган кичине жандык; *итчымын ысыкта айла кетирет.*

ИТЫРЫЛДАВАС *тал., эск.* илгери кызды узаткан кезде кыз тарабындагы жене күйөө баладан пул өндүрүп алган жөрөлгө; *итырылдавасын бербесе, үйдөн кысты усатпай увара кылган* (азыр бул жөрөлгө жоюлган).

ИХТИСОЗ *лейл.* кесипчилик; *овал бир – эки ихтисоз үгүрөн, энэн иш сура.*

ИЧЕГЕНЧ *алб.* ичээнек; *ичегенч неме кагылжып тура алар бекен, калыс сөзгө кошулар бекен?*

ИЧЕГЕЧ *батк.* иче берме: *теше жасаганда заң баспас үчүн болоттун майдасыны севет, шондо ичегеч болсо болду.*

ИЧКЕК *ал., ноок.* ичкич; *шо бала ичкек болсо йәм жылдызы ысык бала экен.*

ИЧКЕР *алб.* туталануу; *чытылган кавагын байкаса ичкерип да кетет.*

ИЧКЕРТЕДЕГИ *батк.* ич жактагы, ич тараптагы; *ичкертедеги чачыкты апчык, балам!*

ИЧКИ *лейл.* ичкичил, ичкич; *ичкинин кәлтәчәси йәм ышпалда боптур.*

ИЧМЕК: **ичмек – жемек** *ноок.* ичип – желе турган оокат; *ичмек – жемегивизден бери тейлейт.*

ИЧТЕЙ *тоң.* ички орган; *мупмуздак айдарым ичтейиңден бери муздатат.*

ИЧТЭЭК *чүй.* ичмекей; *карап жатсам ичтээк немедей көрүндү, анан бара бер дедим.*

ИЧЭЭК *ал.* ичээнек; *ол ичээк сүwдү шундай ичет ки, тым эле тынбайт.*

ИЧЭЭҢӘЧ *батк.* ичкич; *ичээңәч кишиге чәй бәкәр кевейт.*

ИШЕНДИ *жерг.* ишенчээк; *эки талдын кәлләсини кармаган сүwта агат болду, ишенди боп жүрүп.*

ИШКӘЗ *лейл.* кырсык; *колуң кыймылдаса ле горунат, бир ишкәз көргөнбү.*

ИШКӘМ: ◊ **ишкәм жинди** *батк.* 1. курсактын гана камын ойлогон: *овал ишкәм жиндинин карды тойсо, онон иш кылат*; 2. эси оогончо иш кылып, суй жыгылган; *ишкәм жинди болду ону издей берип*; **ишкәли какшалы** *жерг.* өкүндү, кайгырды.

ИШКӘМДӘР *жерг.* курсагы чоң, ичи чыккан; *жаңгы байагы ишкәмдәр веде?*

ИШМЕКЕЙ *атб.* көнөк, көнөчөк, көөкөр сыяктуу тери буюмдарын жасоого устат киши; *көрүп – билген ишмекейлерден көнөк кармагандары барбы асыр?*

ИШМЕРЧИЛИК *батк.* иш билгилик; *Асылбек әкә ишмерчилик менен иштейт.*

ИШКӘШ *батк.* сыр; *адамнын жәртиси бовой ишкәш көрсөт.*

ИШТӘП *батк.* куунак; *кызмат кыганга иштәп адам керек.*

ИШТЭЭҢӘЧ *батк.* иштемчил; *иштээңәч кишилер әр кандай ишке билгичтик менен мәмиле жасашат.*

ИШТИРОК *жерг.* ролдо ойноп катышкандык; *бүгүнкү ойунда сен дә иштирок кылавысың?*

ЙАВОЙ *батк.* таң калганда айтылуучу сырдык сөз; *йавой, манавуну кара.*

ЙАК: йак жеп жыланач жат *пам.* (мак.); *жаттын йагы чыкпас, арыктын майы чыкпас* (мак.).

ЙАКЖОЙӘ *жерг.* бирге, чогуу; *энди экөwүңөр йакжойә болуп калдыңар.*

ЙАКПӘЙӘ *жерг.* жалгыз аяк; *ол согуштан йакпәйә богон.*

ЙАХ *жерг.* муз; *кудуктан биттә йахтай суw апкел.*

ЙӘКИ *анж., ферг.* бир өңчөй мүчөлөрдү туюндуруучу байламта; *йәки мал, йәки кой сатат эртеге.*

ЙӘКҮНЛӘ *зам.* бүтүрүп коюу, аяктоо; *нан пәлләни йәкүнләп кой.*

ЙӘНӘ *жерг.* 1. дагы эле; *йәнә ле шу жерде отуравысыңар?;* 2. эми эле; *биз йәнә ле овкат жеп турган эдек.*

ЙОДГӘРИ *жерг.* белек, эстелик; *муну йодгәри деп берди.*

ЙОЙУ *зам.* жору; *сени биз кеттиге йойуп койгон эдек.*

– К –

КААК: каак–каак *ал.* таштардын бөлүндү – бөлүндү жарылган жука кабат – кабаты; *каак–каак таштар Бүлөөлү, Таргалакка чейинки ортолукта.*

КААЛГЫ *чүй.* бүдөмүк ой жоругандык; *көстөгөн максатым кайсы деген кааЛгы кааЛоосу мынтип чындыкка айланды.*

КААЛДАН *жжол.* кабарып түнөрүү; *Чоро кааЛдана корс этти.*

КАВЫШКӘСӘ *ал.* жороло, үлүштө «оң аталык» жана «сол аталык» тараптан «так» кишиге бирдей куюлуп келген бозо, кымыз; *кавышкәсә келгенде өтүнүп алат.*

КАГАЛЖЫКТА *чүй.* жактырбай чунандоо; *эч кимиси кагалжыкташпады.*

КАГЫШТА *тал.* жаңырып угулуу; *айаныччтуw үн кулагыма кагыштады.*

КАДУУ *чүй.* бир нерсенин бооруна, көрүнө жерге кадалып коюлган нерсе; *мемирийалдык такта кадуу бар экен.*

КАЖААЛАТ *ыск.* кыйын кыстоо, кырсык, азап; *сырт адамдары табийгаттын кажаалатына мойун бербей да койот.*

КАЗАГАНЧ *алб.* казанак; *о казаганч, тәвәткә калвай жайга барсын.*

КАЙГА *зам.* кайда, каякка; *өздөн чыккан бәләәгә кайга барасың довага* (адамдын өз баласы жарамсыз болуп калганда айтыла турган туюнтма).

КАЙГАЙ *тторо.* түйшүк, кайгы; *ырдавай койсо кээ болот беле, кайгайын тартат беле?*

КАЙГЫ: жөн кайгы *чүй.* бекер эле, жөнсүз, жөнү жок; *жөн кайгы чуркава.*

КАЙКА: кайка буума *ыск.* өсүмдүктүн аты (өзү, жемиши); *кайка буума терчү элек.*

КАЙКЕШ *ноок.* чаары чыккандык; *көк мончоктой көздөрү кайкөш жылтырады.*

КАЙКУУЛА *карс.* ичтен күбүрөө; *туйук кайкуулабай ачыгын айт.*

КАЙМАН *тал.* тартынуу; *тиги кайманып да, ийменип да койводу.*

КАЙМАР *акт.* чүйгүн; *эриген коргошундай сөз каймарын көлкүлдөтө сыпаттады.*

КАЙНА *түшт.* кайнатылып же куурулуп даярдалган татымал; *кайна менен коруш экөө бир эле.*

КАЙНАТМА *түшт.* 1. жалпы эле, кайнатылып бышырылган ысык тамак; *бизде ысык аш кайнатма жана куурма болуп экиге бөлүнөт;* 2. эттин нак сорпосуна суйдаң кылып жасалган «шовла» тамак; *кайнатма шовләгә пийәз дә керек.*

КАЙНЕНЕЧЫКПАС *пам., эск.* үйлөнүү тоюнда тойго союлчу койго бата кылар кезде кыздын энеси чапан кийип, ак жоолукту ээгинен ала байланып же элечек оронуп (илгери) эл алдына чыгып, анан батага уруксат иретинде кой башына, аны кармаган баланын оң ийнине ун чачып, ал урмат үчүн жаңы чапан, ак жоолук алуу жөрөлгөсү.

КАЙНОW: ◊ **көзү гежигесиде кайнow** *пам.* 1. ооруп чүнүрөйүү; *бир жери сыстайвы дейм да, көзү гежигесиде кайнайт*; 2. *өтм.* кейкейип менменсинүү; *әдәм таанывайт көзү гежигесиде кайнап.*

КАЙПАСАЛА *тал.* кайсалоо; *кайпасалактап жанын сыйпалады.*

КАЙПЫК: чала кайпык *чүй.* үстүртөдөн, чала – чарпыт; *чала кайпык иштелиптир.*

КАЙРЫЛЫК *өзг.* кайрымдуу; *карай көз закун деп жүрүп, кайрылык ишти кылбапсың.*

КАЙРЫҢ *зам.* чунак; *кайрың кулак эчки.*

КАЙСОО *чүй.* аландап кайсалагандык; *көс карашы кайсоо, кыймылы кайсы болсун?*

КАЙСЫ *суз.* какжырап катуу; *камыр кайсып калыптыр.*

КАЙСЫКТА *ыск.* кайсалактап элеңдөө; *кайсыктап айланасын карады.*

КАЙЫР *тторо.* калпактын кайырмасы; *кара калпак кайыр болот, төвөсү келдесине жеткенден кийин.*

КАЙЫШ: аш кайыш *чатк.* сорпого салуу үчүн жука жайылып жасалган камыр.

КАЙЫШКААК *ал.* кайышып үзүлбөгөн; *кавыгы кайышкаак келет онун.*

КАК: адам кактагы *жерг.* те илгерки, те мурунку; *ол Осек әке адам кактагы неме да;* ◊ **хәдимки как баштагыны тәштөw** *пам.* өткөн – кеткенди эске салбоо; *кәмпирим хапа болуп: «хәдимки как баштагыны тәштәчи» – деп, үшкүрүп калат.*

КАККЫЧ *өзг.* жаңгак бышкан кезде анын мөмөсүн кагып түшүрүп алуу үчүн атайын жасалган укурук сымал жыгач; *каккычты эгиз кой, сынбас.*

КАКМА I *тторо.* чокон мерген, анда – санда гана ок тийгизген адам; *о, азамат, бу ушундай какма.*

КАКМА II *пам.* илгери төө жүнүнөн токулган пиязы; *гүж әйәл какма токувас.*

КАКМА III *батк.* «шорпонун» түп жагына салынып абдан бышырылган эти; *какма жеп кеткиле.*

КАКМАЧ *пам.* 1. кир; *мойнуң какмач болуптур;* 2. арык; *какмач болуп катып, эт жукпас болду.*

КАКПАТЫР *сүл.* нандын камыры ачытылбай эле очокко какталып бышырылган түрү; *жапмага чызык кошсо, какпатырга чызык кошпойттор.*

КАКТАЛМА *тторо.* күнгө бет жер; күн аябай тийип, көлөкө түшпөгөн; *Капкадан төмөн какталма жер бар.*

КАКТЫМ: кактым – соктум *түнд.* кагылып – согулуп бышыккандык; *ат үстү сени кылат кактым – соктум.*

КАКЧЕКЕ *батк.* өтө кургап, куурап кеткендик; *быйыл мөвәләр бәәри күн ыстык болуп какчеке богон.*

КАЛАЙЛА *түп.* одоно, орой ишти (мамилени) жымсалдоо, жумшактоо, чыр чыкпасын деп аракет жасоо; *аны калайлап жүргөнүмөн эле кыйалы билинбейт.*

КАЛАК I *батк.* өзү билет деген мааниде айтылчу сөз; *быйыл жыл оwур келди, калак энди.*

КАЛАК II: таш калак *алк. таш калак.*

КАЛБАКАЙ *тторо.* ызы – чуулук; жаманаттылагандык; *ага барып ушактап ошол салды калбакай.*

КАЛВЕКИ *зам.* жасалма; *калвеки кагаз оңдурвайт.*

КАЛГЫЛДА *акт.* тунаруу; *күүгүм талаш көзү калгылдап кетет.*

КАЛДАЙ *акт.* кандагай; *ышкын түпкө малкыткан сары калдай.*

КАЛДАЧ *жжол.* катиңки; *эти калдач болсо да, куйушкан алды ак көвүктөнүп чыкты.*

КАЛЕМДУЛА *тторо.* өңү көк кырмызы түс алган өсүмдүктүн аты; *калемдула кырк муун, көкө мерен, камгак, мандалак өсөт.*

КАЛЖА *ташк.* колжогой, калжагай, коколой; *калжа башын кайакка батырып, кимге дат кылсын.*

КАЛЖАКЕ *ыск.* калжандай берген; *калжаке болсоң каларсың азапка.*

КАЛКА *батк.* байланган кой

муунбас үчүн анын мойнуна атайын тагылган жыгач; *калка бовосо, кой бувлуп калат.*

КАЛКЫТМА *кочк.* поплавок; *калкытмаңды айтсам бир кызык.*

КАЛТА: ◊ **эллинде карап әл тарт, калтаңа карап ун тарт** *жерг.* жылкыңа карап ышкыр деген маанидеги туюнтма.

КАЛТАЛАНТ *чатк.* тиртилдентүү; *беттерин ого ле калталантып овзун ачты.*

КАЛЧА *ал.* бир – бир жарым метр терендикте казылган аң; *калча чаап, саман көмөр эле.*

КАМЕК: кат–камек *өзг.* кат – пат; *кат–камек болбогон соң, келе алвайт экенсиң.*

КАМКАР *жерг.* кемер үңкүр; *камкарда жүргөн экен, келип калды.*

КАМУ *пам.* тон, ичик жасоо үчүн даярдалган тери; *илгери камудан тон жасовчу дештер.*

КАН *тал.* жулунган тамеки салына турган, өзү төрт чарчы келген, төрт бурчунда байлооч боолору бар кенаф материал; *канды керишип койчу, увлум.*

КАНДАЙЧАКА *зам.* кандай эле; *мәгәзиндән аган кәстимиң кандайчака?*

КАНДЫМ *жжол.* жагыш үчүн даярдалган отун; *карамарттан кандым жый.*

КАНЕТ *тал.* каниет; *анысына да чоң канет этем, жакамды карманам.*

КАҢГЫР *чүй.* туш келди, ээн – эркин; *уйларды жөн калгыр жайып живергиле.*

КАҢЫЛТЫР *тал.* тамдын коңторулайын деп калган жука шыбагы; *каңылтыр жерлерин кагып таштап жаңы шывак жүргүз.*

КАП *жжол.* уучтоо; *же колуна арбыныраак пул каппады.*

КАПААТЫ *ташк.* үрөй учурма; *бу эмне деген капааты түн эле.*

КАПЕЛ *түп.* болжол; *капелимде жыйырманчы жылдары жасалган алавакан.*

КАПКАЧ *акт.* кайкалак; *капкач бармак устар көп чыккан.*

КАПТЫР *жерг.* жокко чыгарбоо; *аваң онун ак ойун каптырвады.*

КАПЫЗ *жерг.* мүшкүл; *капыз ишке кавай жүр, балам.*

КАРА: бүлө–кара *нар.* бүлө – мүлө; *кел–кел, ботом келээриң менән эле бүлө–караңды кууруп–сууруп келдиң, эмине сыйан чыгыптыр?;* **кара тартуw** *пам., ал.* жөлөк – таяк, болуу; *капка койдум уларга, кара тарттым шуларга;* **кара тут** *пам., ал.* аркалоо, арка тутуу; *эптеп ушуну кара тутуп отурам.*

КАРАВАРКЫ *жжол.* өзөк; тулкусу жоон, бутактары арбагай келип, куурай баштаган мөмө дарак өсүмдүгү; *караваркы өрүктүн башында сагызган отурат.*

КАРАВООР *ал.* чондугу чилдей келген, төшү кара, таманы иттики сымал канаттуунун аты; *каравоордун гөшүнү жей береттер.*

КАРАГАЗ *пам.* жапайы каздын бир түрү; *биз жакта карагаз деген болот.*

КАРАГОЙЧУ *тторо.* өңү кара келип, көбүнчө тоо ичиндеги суу боюнда жашап, бөрү карагатчыны, карагат, чие, четин, шилби ж.б. ашын жеп жашаган канаттуунун аты; *карагойчу суунун жээгинен учуп барып ташка конду.*

КАРЖАЛАК *батк.* өңү чымкый кара, куйругу узун, чондугу көгүчкөндөн бир аз кичине келип, кубулжутуп уккулуктуу кооз сайраган канаттуунун аты; *каражалак дайыма сувдун жээгиде жашайт.*

КАРАЙКЫ *суз.* элес – булас кararган жер, караан; *карайкыга барганда жок болуп кетти.*

КАРАКАВАР *тал.* өлүм жөнүндөгү суук билдирүү; *кече айылды каракавар аралаган.*

КАРАКАТЫН *пам.* 1. өңү күрөң келип, отундан башкага жарабаган өсүмдүктүн аты; *каракатындын түвүдөгү кызыл савакчасыны кыздар эндик кылат*; 2. "гөжүмөл" деген өсүмдүктүн түбү.

КАРАКТУW: көздүw–каректуw *тал.* билген, сезгич; *айылда көздүw–каректуw кемпирлер бар.*

КАРАЛ: ◊ **карал таппай турат** *ал.* эп, жөн, ылайык көрбөйт.

КАРАЛА *тторо.* кандайдыр бир карааңды ээрчүү, артынан түшүү; *экөөңөр жүктүү ат менен эң артынан каралаң.*

КАРАМТЫЛ *түп.* каралжын, кара сымак; *каратмтыл түсү бар, өзү анча чоң эмес.*

КАРАМЫШ *пам.* сууда жашай турган жаныбардын аты; *карамыш ит, мышык сымал келет да, кумда уктайт.*

КАРАНЧЫКТА *жумг.* каралап айланчыктоо; *эми ылым санап, чоң тайакеге каранчыкталы.*

КАРАТАКЫЙА *тторо.* боюу жапыз келип, каралжын баш алып өсө турган өсүмдүктүн аты; *каратакыйа, каакым, кымыстык, керээч дегендер болот.*

КАРАТУН *чүй.* ак гүл алып, аш байлап, бийиктиги іыргайдай келип, бирок андан жоонураак өсүп, отко жакканда таптуу келген өсүмдүктүн аты; *каратун* (кара отун) *тиги Беш–Терек, Кең–Төр, Алтын–Каскан жакта көп эле өсөт.*

КАРАЧЕКЕ *ал.* мушташкандык; *ону менен тәкти ле карачеке бово.*

КАРАЧЕҢГЕЛ *батк.* колундагысын эч кимге чыгарбаган бала; *бир карачеңгелсиң, аганыңды бирөөгө бервеген.*

КАРАШАКШАК *батк.* өңү каралжын болуп, чоңдугу чыйырчыктай келип, дайыма дарыя жээгиндеги коңул таштарга уя салып, ар убак сууга чумуп, суу ичиндеги курт – кумурскаларды терип жечү канаттуунун аты; *карашакшак орусча ысковорестей болот.*

КАРГЫТ *акт.* узата жөнөтүү; *атайлап бул сөзүн каргытты.*

КАРДА *атб.* кар жеөө; *бешимге жетпей эле койлор кардап калды.*

КАРКАНАК *пам.* ◊ **булбулду карканакка алмашпайт;** куйрукту өпкөгө алмашпайт деген мааниде айтылуучу туюнтма.

КАРОЛДОНТ *атб.* тикчийтүү; *аты өзүнөн өзү токтоп, кулактарын кароолдонтуп, ооздугун шалдыратты.*

КАРС *жерг.* тез чукул; *караным деп жүргүчөм, карс әйләнип өлсөмчү.*

КАРСАҢ *акт.* ээрдин отура турган жери; *карсаңы кең, жасы болсо жакшы.*

КАРТА *батк.* өзүн көтөргөндүк, чоңдукту сүйгөндүк; *кәттәликти картасыга койот да.*

КАРҮЗӨ *ал.* биротоло, таптакыр; *учук оwрусу карүзө сакайа веке?*

КАРЧЫ *зам.* беш таш ойнунда таштарды өйдө ыргытып, колдун арты менен тосуп, кайра дагы өйдө ыргытып, эми алаканы менен тосуп алуу; *саканы койуп, мурда карчы.*

КАРШЫЛА *пам.* бет алдыдан тосуп чыгуу; тике баруу; *тике кабылдоо; тартынбай бардым каршылап.*

КАРЫГОЖО *ал.* ыгым, чыгым, ынтымактан бошотулган адам; *мен былтыртан бери карыгожомун.*

КАРЫШ *пам.* талаага чачылуу, текке кетүү; *кан ширидей каткан эде, мээнети карышты.*

КАСАПАЛЫК *тторо.* негизги, маанилүү; *касапалык арава жол да болучу.*

КАСАС *базк.* кемдик, жетишпегендик; *ээ, ниме кыласыз, касас дүнүйә дә дептир.*

КАСТЫ: касты катар *атб.* ажалдын жеткендиги; *касты катары жеткен бекен.*

КАСХОР *жерг.* соргок; *атың касхор болсо берди дей бер.*

КАТАГАНЧ *алб.* катаанак; *биз катаганч, тевегенч дейвис, силер катаанак, тевээнек дейсиңер.*

КАТАЛАҢ *чүй.* чыйрыгып күч алгандык, бышыгып катуулагандык; *бүгүн суук каталаң тартып калыптыр.*

КАТАМАЛ *өзг., тал.* орто жашап, токтолуп калган; *катамал айал менен жаш келин сыртка чыгышты.*

КАТТЫК *батк.* өтө, аябай; *ол экөw жүдә каттык дос*; *асман ыраак, жер каттык жерг., мак. тирик айрылыш – өлүмдөн каттык* мак.

КАТТЫКТЫК *жерг.* катуулук; *өпкө каттыктыгыдан каалгыйт* (ачууланганда какшык түрүндө айтылат).

КАТЫРАҢ *жерг.* каткак; *катыраң towдун бowруда карчыга куштун уйасы.*

КАТЫРМА: катырма кара дары *ал., эск.* илгери колго жасалган мылтык дарысынын бир түрү.

КАЧАГАНЧ *алб.* качаанак; *качаганч болсо, калкозчулар owкат кылып жагкан жерге бара алвас.*

КАЧАК *атб.* үркүн; *эл качакта арызы менен жеткен жер.*

КАЧАР: топ качар *зам.* качмай топ ойну; *топ качарда эркектер, кыздар ойной береттер.*

КАЧКЫ: эгер качкы *батк. күлү бир жерге додо болбогон.*

КАША *ал.* ат байлоо үчүн дубалдын бооруна бекитилген жыгач, мүйүз, темир того; *кашаны ат сuwруп кетиптир, оңдоп кой.*

КАШАА *ал.* тоонун колот, коо сыяктанып келген жери; *Кичи–Караколдун кашаасы менен Жакшынанын – Белине өтүшкөн.*

КАШЕКИЛ *зам.* мынчалык; *кашекилди суw ичпей эле койвойвусуң?*

КАШКАЙ *ыск.* адыр – тоонун чөбү калың өскөн тике бети; *кашкай беттердеги бетеге, козу кулак, кымыздыктар тушардан келет.*

КАШКАР I *зам.* чикиттин учундагы балакайы турчу жер; *чикилдэктин белеги кашкарга турат.*

КАШКАР II *пам.* аркар – кулжанын мүйүзү эки – үч ором болуп, узундугу төрт – беш кезге жеткен жергиликтүү түрү; *Памир суwук болсо йәм кашкары көп болот.*

КАШЫК: желим кашык *батк.* митаам, куу; *карыганда желим кашык болуп кетпе.*

КӘВИШ: астыга кәвиш койуw *жерг.* жалпалактоо, жасакерленүү.

КӘДИ: тәмәшә кәди *зам.* ашкабактын боору ала тарам келген, өзү кичине томолок болгон майда түрү.

КӘЙПӘҢ *зам.* текебер, кесирдүү; *ол жидә кәйпәң эде, мана әзир не болду, карачы.*

КӘЙПӘҢСИ *жерг.* кесирденүү, көйрөңдөнүү; *жүр десе бовой кәйпәңсийт.*

КӘЙРИК *батк.* майрык; *бир ат алсам, кәйрик экен, кәрвөпмүн.*

КӘЙЧИҢ лейл. мылжың; *о кәйчиңдин берген буйуму башыдан калсын, эртеге ле йәнә сурап келет.*

КӘЛ: кәл зорлук *пам.* моюн күчкө салгандык; *бул иштi кәл зорлук менен бүтүрө әвәйсиң, караң өчкүр!* (жерге киргир); **кәл kuwмай** *батк.* таз жору; *кәл kuwмай кээ–кээде кумайык деген күчүк туwуп, үч күнгөчө карап жүрөт имиш; кәлдән топу арта веде?* өзүнөн арттырбайт, колунан чыгарбайт деген мааниде айтылган туюнтма; *кәлдин көwнү болвосо, кыздын көwнү болвойву? мак.;* **кәлгә такыйа пычкандай** *батк.*

бөдөнөгө тон бычкандай орду жок иш жасоо жөнүндөгү туюнтма; **тийишпегин кәлгә, өзү келет хәлгә** *зам.* өзүнөн өзү эпке көнөт деген маанидеги туюнтма.

КӘЛӘР: кәләр оту *пам.* майда бүчүр алып, тоо жерде өсө турган өсүмдүк; *кәләр отуну көп эле көрсө болот.*

КӘЛГАРТ *зам.* жаз келгенден кийин келүүчү канаттуунун аты; *кәлгарт куш келер маал болду*; **кәлгарттын кары** – жаз учурунда «кәлгарт» келгенден кийинки жааган кар (ишеним боюнча бул канаттуу келгенден кийин бир аз кар жаайт имиш. Ошол кардын жаашы канаттуунун аты менен аталып калган).

КӘЛЛӘ: **акылсыз кәлләнин хам кавактан паркы жок** *жерг.* акылсыз баш кур челек деген мааниде айтылчу туюнтма; ◊ *жәмән адам эс тарткыча, кәлләсиге беш тарт пам.*; **ит гажаган кәлләдәй** *пам.* тымтыракайын чыгарып; *чәчини алып бер десе, ит гажаган кәлләдәй кылып кесиптир*; **тилиңди тыйвасаң кәлләңди жарат** *зам.* этияттап сүйлөөгө карата айтылуучу туюнтма; **эки талдын кәлләсини кармаган сүүга агат** *жерг.* эки ортодо калып үмүттөн ажыроо деген маанидеги туюнтма.

КӘЛЛӘПӘҢ *батк.* маңыроо; *кәлләпәң боп кавасын.*

КӘЛТӘ: кәлтә боз аянты анча чоң келбеген, кургак дөңсөө же адыр, талаа жер; **кәлтә караганды** кыска – кыска караганы көп жер; **кәлтә төр** – жайлоонун анча чоң келбеген төр жери.

КӘЛТӘК: *ура алваган кәлтәк кәлләгә да тийет, көчүккө да тийет жерг.* сөзүн эптеп айта албаган, күнөөсүз жерден айыпка жыгылган учурда айтылуучу туюнтма.

КӘМ: кәмдә–кәм *түшт.* анда – санда; *кәмдә–кәм кәмпир–чалдар шонтишет.*

КӘМӘЛ: кәмәлгә жетти *зам.* бойго толду.

КӘМНӘСПЕ *пам.* ырыскысыз; *кәмнәспе атасыдан жәш калыптыр.*

КӘМПИР: кәмпир чапан *лейл.* өсүмдүктүн аты; *кәмпир әтек, кыз эмчек өзг;* топ таш ойнунда таштарды өйдө ыргытканда алардын кайсы бирөө кокус этекке же көкүрөктүн бир жерине түшүп калса, ошондо айтыла турган туюнтма.

КӘҢГИЛ *пам.* кең таноо; *оо кәңгил, кәңгилдәвәй нары тур.*

КӘҢШӘӘР I *батк.* тамак, колконун ичи; *жүдә аччык экен, кәңшәәримди ачыштырды.*

КӘҢШӘӘР II *батк.* каңшаар; *кәңшәәр үтүлган гәп кишини кыжалап кылат.*

КӘПӘТ: кәлмәсини кәпәтүw *пам.* калп айтуу (мунун: "ыманын сатуw, кепинини жутуw" деген синонимдери бар); **талкан кәпәтуw** унчуктурбоо; *сүйлө дейм, сүйлө; не өwзуңа талкан кәпәтип койду веде?* (бул мааниде "өwзуга төw тевүw" деген фразеологияда колдонулат).

КӘМПИР: әйт кәпир *пам.* чатак, бүлүк; *итиден бери үрүп әйт кәпир болуп бүттү.*

КӘПТӘ *лейл., батк.* алакандоо, уучтоо; *жәвлигини кәптәй алвас.*

КӘР: кәрдән чыгуw *пам.* чийинден чыгуу, бузулуу, жолдон чыгуу, колдон чыгуу (мунун: "пес болуw, пешенеси муздөw, гәп кылары калбөw, этеги жаман жерден жыртылуw, теспеси тетири калуw, арвай уруw" деген синонимдери бар).

КӘРИЗ *ар.* чөл жерге илме тешик кылып суу өткөрүлгөн кудук; *сымаптай тунук суу кәризде шылдырап.*

КӘРСӘҢ *жерг.* ээрдин арткы бөлүгү; *эгердин кәрсәңи сынып кавасын.*

КӘРСИЛДӘ *пам.* чакылдоо, такылдоо; *кәрсилдәп сүйлөйт да ол.*

КӘРТ *ноок.* дарбызды экиге бөлүп, ошол бөлүктөрдүн ичин оюп жегенден кийинки калган кесе сымал кабыгы; *мәйдә тywрава, кәрт кылып сой.*

КӘРТИВӘЛӘН *пам.* токтоосунгандык; *зорду кичирейткендей болуп өтө ле кәртивәләнт.*

КӘСӘКӘНӘ *батк.* турумдун астына коюлуучу темир ноо; *кәсәкәнәси түзүк.*

КӘСӘЛ: кәсәл баш болуw *пам.* жүдөө, ооруксунуу (мунун: көзү көк кежигесиде кайноw, көзү ой карыш кирүw, кирпигиден тартса жыгылуw, көзүнүн шоросу куйулуw, чыйыры чыкпоw, алыга мышык ыйлоw, бир әлдә болуw деген синонимдери бар).

КӘСИМ *зам.* алат; *ол баланын сүйлөвөй койуш кәсми бар.*

КӘСИР: патыр–кәсир *батк.* ары–бери әле жүгүрүп тыным албагандык; *бүгүн патыр–кәсир болуп эле жүгүрөттөр, ниме бар?*

КӘТ *жерг.* жыгач кровать сымал буюм; *пилләнин кәти, серинин кәти бар.*

КӘТТӘ: кәттә айырма сай сайдын алабы, салаасы кең жайылганы; **кәттә кум бел** көлөмү, аянты жагынан кең келип, кум баскан бел; ◊ **кәттә таш сай** сайдын чоң–чоң таштары бар, эни жазы келгени; **кәттә кыз–кәттә кыз, кәттә үй менен биттә кыз** *батк.* тамаша, оюн сөздөн; **кәттәдән кичик озгон, мурундуwдан дпчык озгон** *зам.* улам кийинкилердин тың чыккандыгына карай айтылуучу туюнтма; **жаштан хата, кәттәдән үзүр** *жерг.* кичүүнүн айыбын улуусу кечирет деген маанидеги туюнтма; **түйә кәттә йагыры йәм кәттә** *жерг.* оордуку оордой, чоңдуку чондой деген мааниде айтылчу туюнтма.

КӘЧИРӘК *ал.* нан жапканда аркасы кызарып бышып калгандагысы; *жәштәр кәчирәкти качыратып чәйнәгәнди жакшы көрөт.*

КӘЧКИЛ *батк.* 1. өтө коюу, ныk; *кой кәчкил болуп семириптир*; 2. семиз; *басалвай каптыр кәчкил болуп.*

КӘШӘМИР *өзг.* анча калың эмес, бирок жумшак кездеменин аты; *кәшәмир алганга эки кишинин акылы чөнтөгүмдө деп калыптыр* (акылдуусунат деген маанидеги сөз).

КӘШИКТӘ *жерг.* кап, «канар» ж.б. оозун жип менен тор сыяктантып байлоо; *ону кәшиктәп, әнән эшшекке артчу эдек.*

КӘШИТ *лейл.* баш – шыйрак, ич эттен жасалган тамак; *кәттәкәнгә кәшит кылып берсе бовос.*

КЕВЕК: кевек дары *ыск., кочк., чүй.* илгерки мылтыктын колго жасалган дарысынын бир түрү.

КЕВЕЛЕН *тал.* кейиптенүү; *дудук кевеленген үңүрөйгөн кара.*

КЕВЕР *тторо.* агын суунун үстүндөгү көбүк; *калкыган суунун кевери, кас элечек чевери.*

КЕВЕРЕ *жжол.* чеберенин баласы; *атүгүл кевересин көргөн киши.*

КЕВИРЛЕШ *тторо.* сүйлөшүү; *Макен чоң апамды чакырып келейин, экөөңөр кевирлешкиле.*

КЕГИРИЧ *батк.* боз үйдү айланта курчалган кооз сызма; *кыргыз үйдүн кегиричини көрсөтүң.*

КЕЖИНДИК *тоң.* кежирлик; *а деп–бу деп кеженүдик кылган.*

КЕЖИРЕЙ *ташк.* кежирленүү; *ой, сен эмне мунча кежирейесиң?*

КЕЖИРЕК *ал.* кытырак; *бала отко*

ысыткан кежирек нанды жакшы көрөт.

КЕЗДИР *акт.* өлчөтүп айыртуу; *ашып кетсе жарым метир гана кездирет.*

КЕЗЕГЕНЧ *ал.* кезээнек; *шол адам тәкәвир, кезегенч көрүнөт.*

КЕЗЕҢ *ыск.* учур, маал; көрүнүш; *чындыгында мындай кезең жумурай журтка жаңылык эмес.*

КЕЗМЕЙ *базк.* келме ирет; *келмей кезек келсе, ол жыланды инден чыгарган неме* (куйту, шум деген түшүнүктө айтылган туюнтма); **кезмей кезек келсе гөшүндү тытып, өтүндү тешпесин** териңди тескери сойбосун деген мааниде айтылган туюнтма.

КЕЙ *тторо.* ички сезимди туюндуруучу сырдык сөз; *кей–кей кер жорго кейип кайда барасың деп чал сурайт.*

КЕЙРЕ *тяньш.* өр; *кейре жерден чалдырып, кермеден атын алдырып...*

КЕКЕЙМЕ *түп.* кекейип бой көтөрмө; *ай кекейме–кекейме, экөөлөсөң экөөлө өзүм болом жеке эле.*

КЕЛГЕК *ал.* келе берме; *учөwдүн ичипен Айвашы келгек болчу.*

КЕЛГҮСҮ *зам.* келерки; *бул бала келгүсү жылы жети жашка чыгат.*

КЕЛЕГЕНЧ *алб.* келээнек; *келегенч болсоң, ат айакты түшүргөндөн кийин кел.*

КЕЛЕЖАК *жжол.* келечек; *кележагың кут болсун, о көкэ теңир уланы?*

КЕЛЕР: келер кести *батк., эск.* илгери дарым учурунда колдонулган сөз; *келер кести, актама–сактама* (азыр бул сөз эскирген).

КЕЛИШ *ал.* чүкөнүн «кыргызча, төрдөн атмай» деген оюнунун экинчи аталышы; *келиш ойногондо элчи консо, таваны утат.*

КЕЛИШКЕК *ал.* келишчээк; *шол күндөн баштап, мен олорду келишкек атап алдым.*

КЕЛТИ: келти–келти *ал.* үзүл–кесил; *сүйлөмү бири–бирине байланышпаган келти–келти сүйлөм.*

КЕМИРЕНКАС *ташк.* жактырбай калганда айтылчу сөз; *ийи, кепедей болгон кемиренкас десе, деле өнөрүн көр мунун.*

КЕМКАШЕК *тал.* тамакты анча батыра жей албаган; *мындай кусанаак, кемкашек немелер арвыта алвайт.*

КЕНДИРГЕК *тторо.* шамалдын жергиликтүү аталышы; *кел кендиргек, кел орток!* (эгин сапырганда айтылуучу сөз).

КЕПКАРЫН *пам.* соргок; *узун өзөк кепкарын.*

КЕПТИ *тторо.* бүтүн бир таңгак, пачка; *кең Кокондо не алган?, кептисин бузбай пул алган.*

КЕПТӨӨР *кочк.* өтүктүн кончун керип кептей турган жыгач буюм; *кептөөр деген бир балта саптай жыгач менен туланды айавай жатып кончко толтурду.*

КЕПШЕР *атб.* сары жез, күмүш, данакер аралашкан кыпын; *кепшерди эритип буйумдун сыныгына дароо кармайт.*

КЕПШИЙ *акт.* кейигенсүү; *мээримдүү гана кепшийип койду.*

КЕР *жжол.* төп, дал; *ой купулуна кер келет.*

КЕРГЕК *ал.* керексинип көрүнгөндүк, керексинип калгандык; *ол көп эле кергек боло берет.*

КЕРГЕН *пам.* керилген жип, аркан; *керген тартып кой, азыр жүwурткан жайабыз.*

КЕРГИЛЕ *ал.* чоёштоо; *сен имне мунча ле кергилеп кагансың?*

КЕРДИМ *жжол.* кесе; *бир кердим айран куйду.*

КЕРДИШ *жжол.* жыйылган жүктүн кертим – кертими; *эки кердиш кылып жыйып, жүн шалча жаап койуптур.*

КЕРЕ *тоң.* баткак – саткак; *ичи кере жер.*

КЕРЕГЕВАШ *батк.* жүл килемдин «тумарча, көз кереге» деген үч элементтен турган көчөтүнүн аты; *керегеваш жыйырма үч–жыйырма беш жипке түшөт.*

КЕРЕГЕНЧ *ал.* керээнек; *билип туруп бугамырланба керегенчсиң.*

КЕРЕГЕЧ *батк.* кере берме; *чыракчындай бовой керегеч бол.*

КЕРЕМЕК *тоң.* сыяктанган, өңдөнгөн; *бошовураак калган кайың керемек.*

КЕРЕНЕ *базк.* керемет; *керене жылан байлыкка байлык кошот дечү экен, илгери.*

КЕРИШКЭЭК *ал.* керишчээк; *олор бүт керишкээк өңдөнөттөр.*

КЕРКИ: керки тал *тторо.* көбүнчө суу жээгинде, саздуу жерде өсүп, каралжын өң алып, анча чолойбой, бутактары чачырап өскөн жыгач өсүмдүгү; *жол бойунда керки тал керки тийвей кетилвейт.*

КЕРМЕК *ал.* жылкынын тумшук ичинен өсүп кеткен бармак сымал жара; *кермек өссө жылкы жаталак болот, ону кесип салат.*

КЕРС *чүй.* начар, серт; *байчечекей керс эмес, көктөм гүл.*

КЕРТ *пам.* суй жыгуу; *бээ кулунун берте теппейт, берте тепсе да керте теппейт.*

КЕРТЕ *түп, сейр.* керк баласы; *ит баласы – күчүк, керк баласы – керте.*

КЕРТҮW *ал.* бир нерсе жасоо үчүн даярдалган ар кыл бөлүк; *камчынын бүт кертүwүн жыйнап, эжемдикиге басты.*

КЕРЧАГЫР: кекире даам керчагыр *тторо.* бозонун кыйгыл даамдуу болгон түрү; *кекире даам керчагыр кекиртип турса дайым.*

КЕРЧЕ *тал.* казык, мамы, карагайдын жогору келүүчү бөлүгүн кертмектеп бир нерсе байлоого ылайыктоо; *аттардын чылвырын байлашка ат касыкты керчеп жасайт.*

КЕСЕГЕНЧ *алб.* кесенээк; *кесегенч экенсиң, чириччтен кечип берчи.*

КЕСЕМЕТ *батк.* түз, даана, ачык, так; *кесемет сөзүнү эйтат ол.*

КЕСИР *түнд.* бөлүндүдөн ашып калганы; *онду үчкө бөлсө, бирөө кесир калат.*

КЕСТИ: кыйан кести *зам.* абдан шок, тентек, эч нерседен жазганбас, кайра тартпас; *кыйан кестини караң, касеки алманы кесип жатканын.*

КЕСЭЭК *ал.* кесенээк; *шу бала кесээк болуп чыга келди маңа тим эле.*

КЕТӘМӘН: кетәмән нуска *суз.* эң кооз сайма; *бу, кызым, кәштән кетәмән нуска боп каптыр у.*

КЕТЕГЕНЧ *алб.* кетенек; *чирки пәләкәттән алыс бол, кетегенч бол.*

КЕТЕНЕ *тторо., эск.* мурунку учурда колдонулган кездеменин бир түрү; *кетене төшөк – жүк көркү, кутман кары – үй көркү.*

КЕТЕСЕЛҮW *ал.* кетермен; *кетеселүw аталып кеткенини өзү деле сезип жүрөт.*

КЕТТЕКЕН *акт.* чоңдун чоңу, улуктун улугу; *эки жасакер кеттекенинен ыдык көрүптүр.*

КЕТЭЭК *ал.* кетенээк; *кетээк болсо жакшылык деп ойлойвусуң?*

КЕТИР: кетир меш *атб.* узун кернейлүү мештин бир түрү; *кетир мешти жагып, ала гийизди күвүп кой.*

КЕТКЕТ *жжол.* куугун – сүргүн; *башына түн түшсө, журтуна кеткет келгени.*

КЕТКИ *ал.* кеткилик; *шу жерден кетки кывасын.*

КЕЧЕГЕНЧ *алб.* кечээнек; *өзү чогол, кечегенч, булбулдай үнү бар.*

КЕЧЕГЕЧ *ал.* кеченээк; *бул ат да кечегеч болушу мумкун.*

КЕЧЕР *кочк.* кулактын калканы;

оң кулагынын кечери жарылып кеткен.

КЕЧКЕТЕ *акт.* кечке дейре; *бир кой бар эле, кечкете ошону көсөмөлдөдүм.*

КЕЧЭЭК *ал.* кеченээк; *кечээк аттардан ону керек деген эде.*

КЕЧКЕЧЕКТИ *жерг.* кечке чейин; *кечкечекти кэлтэ шувак ойнойуларвы?*

КЕШТЕҢ: кештең курун *жерг.* кеч курун; *кештең курун биздикиге кел, эңгемелешевиз.*

КИ *баткч.* байламтасынын төмөнкүдөй функциялары учурайт: 1. тике сөздүн аягында келип, кыйыр сөздүн башталышын туюндурат; *ол айтты ки, эртеге келем деп* (мындай учурда кыйыр сөздүн аягы дайым деп, деген сөз менен бүтөөрүн байкоого болот); 2. баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн чегин ажыратып турат: *акылың шунча ки, адам таң кагыдай*; 3. логикалык байланышы бар сүйлөмдөрдү ич ара бириктирет; *шол элде той башталат ки, шу тойго ол кевейт;* 4. мезгил багыныңкы сүйлөмдөрдү негизги сүйлөм менен тутумдаштырат; *энди булагыда сүлүк курт бар экен ки, шондон Сүлүктү аталып каган эде*; *мен барсам болот ки, лэки эттеге ишим бар эде;* 5. себеп багыныңкы сүйлөмдөрдүн түзүлүшүндө ки байламтасы бир топ кеңири колдонулат; *бу газалды онуң үчүн айт тым ки* (мындай учурда бышыктагыч бөлүкчө да деген сөздүн милдетин аткарып калат); 6. ки байламтасы бөтөн сөздү берүү үчүн кеңири колдонулат; *мен уктум ки, ол эртеге жөнөйт деп*; *ол эйтти ки, шо арза менде турсун*; 7. ки байламтасы айт, де деген өндүү этиштердин бардык жак, чактарда турушу менен жанаша келип, төл жана бөтөн сөздөрдүн түзүлүшүндө (мейли макал – лакап, учкул сөз же ошол сыяктанган түрмөктөрдө болсун) кеңири жолугарын байкоого болот: *ол эйтти ки, эшиттим: ол деген ки, барвайм.*

КИЙ *өзг.* 1. каптап тебелеп кетүү; *он бештей каман – доңуз кийип кеткен эле;* 2. *чүй.* койдуруу, урдуруу (улак тартышта); *көк бөрүнүн кысыгын айт, кийдирип кетмейи да болот*; 3. *кочк.* туурадан кошулуу, аралашуу; *кийсе кеткен кишиге сөз берведи.*

КИЙЕГЕЧ *ал.* кийенээк; *сенин кийегечтигиңден не кызык?*

КИЙЛИКМЕ *чүй.* кыпчылып кирише бергендик; *кийликме кишилер болот да, кереги болбосо деле кийлигише берген.*

КИЙТ: дәрийә кийтиге акпайт *зам.* жасалып калган ишти кайра жандырам деп убара болбо деген мааниде айтылуучу туюнтма.

КИЙЭЭК *ал.* кийенээк; *онун кийээктиги саңа не зыйан келтирмек?*

КИЛДӘН *жерг.* эшиктин жан босогосун тегеректен оюп, узундугу 30 – 40см. келген төрт бурчтуу жыгач менен үйдү бекиткенде колдонулган тарткы; *үйдү ачып – жапканда тешиктен колду салып килдәнди түртүп бекиткен.*

КИЛЕҢ *чүй, эск.* носорог; *килең деген болгон имиш дешет.*

КИЛПИСИН *чүй.* эч кир жукпаган таптаза; *колу – башын килписиндей кылып таза кармайт.*

КИНДИК *батк.* 1. бир нер нерсени артканда, жүктөгөндө, байлаганда, тартканда аркандын эки учу байланган жер; *киңдиги кең экен, отун паска түшүп кетти*; 2. *ттороо.* туш тарабы тегиз келип, орто жери дөң болгон көрүнүш; *Асманын белинен нары жагында киндик бар.*

КИНЕМ *акт.* күнөө, айып; *келин*

кинем. айткан жер мизилдеп эле турат.

КИПТИ *тторо.* пакет, пачка; *киптисин бузбай акча алган.*

КИРДЕ *пам.* чоң тегерек нан; *чай кайнаган уякта кирде, каймак, мева–чева алып келди.*

КИРЕГЕНЧ *алб.* кирээнек; *киреген болуп бир чини пийәлә ала чыгыңчы.*

КИРЕГЕЧ *ал.* киренээк; *шол үйгө киреген боп кеткениң бир мен эмес бәәри байкап жүрөт.*

КИРТКИЛЕ *чүй.* куйткулоо; *ал кесте киртклеп жүрчү элеңер да.*

КИРЧИК *чүй.* бир нерсеге жабышып калган кок, ыплас; *чүпүрөк менен ашыкпай чаңын, кирчигин сүртүп жатат.*

КИЦИК *баткч. зор үйдө күлсө, кицик үйдө ырсайат* (мак.); *зордуу кициртип, кицикти чоңойтуп* (мак.)

КИШЕНЧЭЭК *жерг.* кетенчиктей берме; *кишенчээк атып артка басат.*

КИШТЕК: гамыры киштек *ал.* камыры жакшы ачытылбай жасалган нан; *мунуң гамыры киштек болуп калыптыр.*

КОЖУН: кожун кожундан көрүп раң алат *зам.* улууну көрүп кичүү өсөт, аганы көрүп ини өсөт деген мааниде айтылуучу туюнтма.

КОВУЛУ *тторо.* шакектин жол – жол из салынган түрү; *ковулуу күмүштөн жасалат.*

КОДЕЛЕК *түп.* эшектин жаш баласы; *коделеги артта калганбы, издеп жүрөм.*

КОЖАЛА *ал.* көңүл ачып эрмектөө, сүйүнтүү; *сизди кожалайын деп келди.*

КОЖОК *түп.* килейген, далыйган; *балээ, бу опсуз кожок экен го, мунуң.*

КОЖОҢДО *түнд.* баарын билгенсип, тиешеси жок ишке аралашып кийлигишүү; *тигиниң кантет ай, кожоңдоп?*

КОЖУРА *ноок.* катмарланып сыйрылуу, тоңуу; *сүүк күчөп, терезе кожуратыр.*

КОЗУВАЙ: козувай–дарвыз *суз.* дарбыздын малга тоют катары бериле турганы; *козувай дарвыз да калвады.*

КОЗУДАРВЫЗ *батк.* дарбыздан кичирээк келген түрү; *козударвыз да өсөт бизде.*

КОЙА *тал.* чырмоок; *жемиштин арасына өскөн койаны отоп салсак, ал жакшы өсөт.*

КОЙБАШ *суз.* 1. пистенин коюу, чогуу чыкканы; *колу кәлтәлик кылвасын, чыптаны койбаш менен толтуралы*; 2. *батк.* ичи жумшак, даамы таттуу, өзү кичирээк саргыч келген тоголок коондун сорту; *колуң көрүшкөнгө барвай туравы* (саламдашканга жаравайсыңбы), *алың оо, койбаштан* (коондон) *бирин*; 3. кичирээк тоголок түшүрүлгөн сайманын аты.

КОЙБЕРМЕЙ *ноок.* чикит ойнунда жерди үч ирет кайтоолдоп өлчөгөндөгүсү; *зор–кичик девей койбермей болсун.*

КОЙВО I *пам.* тең өскөн; *о койво, түндөсүн тынч уктады.*

КОЙВО II: койво–койво *пам.* жакын, куйрук улай; *мен Асан менен койво–койво келдим.*

КОЙВО III *пам.* тукурганда колдонула турган сөз; *койво–койво, ал–ал!*

КОЙГАК *жжол.* күңгөй беттерге чыга турган, өзү тикендүү келген, бийиктиги 20 – 30 см. че өскөн, тикенеги тоголок майда болуп, койдун жүнүнө көп жабыша турган өсүмдүк; *койгактын тикенеги кайырмакка окшош* (кээде "кой уйгак" деп да аталат).

КОЙГАРАГАН *батк.* алтыгана; *койгарагандын түвүн изде* (баш калкалар жай изде).

КОЙГӨЗ *батк., пам.* 1. он үч жиптен үч бурч түрүндө тоорга, килемге түшүрүлгөн көчөттүн аты; *койгөзү бар килем көп сатылат;* 2. бири – бирине кураштырылып жасалган курак; *койгөз салынган төшөк чирәйлик болот;* 3. чоңдугу койдун көзүндөй болуп уютулган илгерки жамбы.

КОЙГУЛТ *ыск.* коюу сымак; *мурду кырдач, көзү койгулт, жүзү кызыл.*

КОЙЖАЛВЫРАК *кем.* өсүмдүктүн аты; *ат кулактан башка да койжалвырак өсөт.*

КОЙЗАМАН *кочк.* жыл уйгу – туйгу болбой, аба ырайы өз калыбында өтүп, кышы да, жаз – жай, күзү да конур болуп өткөн мезгил; *койзаманда анча суук болвойт.*

КОЙКЫМЫЗДЫК *ал.* мөңгү этектерине чыгып, бирок бат эле он беш – жыйырма күн ичинде эле куурап кала турган өсүмдүктүн аты; *койкымыздыкты жешет.*

КОЙЛОН, КОЙЛОСУН *чатк.* «пышманды» кайнаткандан кийинки калган коюусу; *койлосун куйуп кел.*

КОЙМААРЕК *акт.* 1. аки – чүкүнү билбеген, бетке чаап шар сүйлөгөн адам; *коймаарек баарын беткe айткан шар;* 2. *ыск.* сабырдуу, конур токтоо; *а, ал бала коймаарек, жоош.*

КОЙМО *лейл.* кандайдыр бир нерседен (отун, эгин ж.б.) бирөөгө арнап, өзүнчө бөлүп коюлган бөлүгү; *коймо кылып койгон кызыл акыктары бар эде;* **алып сала коймо** *атб.* чакмак таш ойнунда таштарды бирден тез терип сол колго сала коюу учуру.

КОЙОНКУЛАК *лейл.* ичине эттин майда тууралганы салынып жасалган жана каймак майга бышырылган самсанын бир түрү; *тувpамжысы гөштөн богон ол овкатты койонкулак дейттер.*

КОЙОНСӨӨК *чүй.* тикенектүү келген жыгач өсүмдүк; *койонсөөктөн отун чогултуп, от жагып...*

КОЙУЛ *жерг.* өтө толо, тоё ыраазылануу, каниет кылуу; *мен шул сиздин ишке койулмун да.*

КОЙЧЕЧЕК *ал.* тоонун шагылдуу күңгөйүнө 3 – 4 см бийиктикте чыгып көк сары гүл ача турган өсүмдүктүн аты; *Кедей – Таппаска койчечек өсөт.*

КОКО: колунан коко кевейт *ноок.* колунан эчтеке келбейт.

КОКУЧ: ил кокуч *базк.* чийим салгыч баштык; *ил кокучуң илинбей, туз баштыгың жыйылбай эмнеге эсиң ооду?*

КОЛ: бир кол *жетг.* ыктоо, буйтка; *бир кол жер экен, мал кайда кетет дейсиң;* ◊ **колуну сурow** *жерг.* үйлөндүрүү, турмуш куруу, баш кошуу жөнүндө макулдукту сурагандык.

КОЛДУК *чатк.* колго тиешелүүлүк, колго таандык; *отун – олжо, суw – колдук.*

КОЛКҮЙДҮ *ноок.* этсиз эле картошка, пияз ж.б. аралаштырып тез эле жасай салган оокат; *бир эптеп колкүйдү кыла кел.*

КОЛОМБАЙ *тторо.* капысынан чочуп кеткенде аялдар тарабынан айтылуучу сырдык сөз; *коломбай, сындырып койо жаздабадыбы, алдыкыны.*

КОЛОҢ I *батк.* шиберлүү саз; сыйырды колоңго бәйлөп кой; **кокту – колоң** *батк.* кычык – кучук коктулуу жер; *кокту – колоң дә куруп кетиптир.*

КОЛОҢ II: карыз – колоң *ош.* карыз – марыз; *карыз – колоңго батып чавылвасын.*

КОЛОЧ *атб., эск.* мандайына ар кыл кооздуктар түшүрүлүп жасалган ээрдин түрү; *колоч ээриң бар болсо балтаң – баʼлталсың, жок болсо калтаң – калтаңсың.*

КОЛУШТУК *жжол.* кол кесер үчүн берилген үлүш; *колуштукка өз каалаганын берет.*

КОМОК *тоң.* көк; *комок жыттап жер чапчылаган айгырлар айкүрлөнүп үйүр коруйт.*

КОНОР: конор дары *кочк.* жагыштуу, эм болор дары.

КОНУЎЧУ *жерг.* коно турган киши; *конуwчуга кой берип коштуруп алам жөнөкөй.*

КОНУК *чүй.* сутка; *Талас деле алыс эмес, түс жүрсө бир конук жер.*

КОНЧЕКИ *жерг.* шалдаакы; *о кончекиңди нары тур дең.*

КОҢГУРОЛУ *тоң.* чырканак сымал келген өсүмдүктүн аты; *коңгуролу Ак–Өлөңдүн саздагында болову?*

КОҢУЛГУ *чүй.* бош, көңдөйлүк; *от жагылбай калган тамга окшоп коңулгу, нары мустак.*

КОҢУЛЧУ *ал.* уялчаак; *о, атаң гөрү... у, коңулчу, тартынба.*

КООГА *кетм.* камыштын жекени; *коога салып жасаган жастык жумшак болот.*

КООКАРЫН: коокарын кагуу *тоң.* ийиккенсүү; *коокарын кагып жукара түшкөнсүп өңдөндү.*

КООЛГО *акт.* бүлгүн – чапкын; *катуу коолгого айланбасын деген экен.*

КООР *тоң.* маңыз; таасир; *бу коорсуз сөздөргө тарсайып жарылмак белең?*

КООШСУ *ноок.* күмөн саноо; *бовой жатканына сээл кошсуй түштү.*

КОПОКТО *чүй.* күрсүлдөө, олурандоо, опурулуп жапырылуу; *о адевиң менен жерга гир, дагы уйалвай копоктойт, тур ары.*

КОР: кор–кор *чүй.* куутта кочкорго карата айтылуучу сөз; *кор! – кор! – кор – деп жүгүрттү.*

КОРГОНЧУ *батк., эск.* тоо арасында бири – биринен алыс салынып, бир аз бак тигилип, кышында мал күтө турган короо, сарай, коргон; *Чавайдын Ак–Терегиде да коргончу болор эде.*

КОРОЎЧУ: итти агытып күчүктү коровчу кылат *жжол.* баш – аяксыз иш жасайт, орунсуз жумуш бүтүрөт деген маанидеги туюнтма.

КОРОЗГОЙЛОН *тал.* ачууланууу; *корозгойлонуп эмне болуп жатат ал?*

КОРОЗГҮЛ *базк.* короздун таажысы сымал кызыл гүл ачкан, узун өскөн өсүмдүктүн аты; *корозгүлдөн үзүп берчи.*

КОРОКЕЙ: таш корокей *ал.* эки бутту тийиштирип туруп, чикиттин таягы менен кичине ташты уруп, зуу берип ойногон оюн; *таш корокейди да ойночу элек го.*

КОРОЛДОЙ *чүй.* чочуганда айтылган сырдык сөз; *королдой, ашып – ташып төгүлүп кетпедиви!*

КОРОМО *ыск.* шор, абдан ачуу; *даамын татсаңыз тузу коромо.*

КОРОСОН *тоң.* ачык, даана; *баш чайкаганы анын нааразылыгын дагы коросон кылды.*

КОРТОК *кем.* коло, кологой; *кайсы алтын эле дейсиң, корток неме да.*

КОРУМ *нар.* какшык, жекирүү туюмун билдирген сырдык сөз; *эмине кылайын, корум болгон койдун короосун оңдогону жатамын.*

КОРУШ *атб.* жүн боёгон учурда ага ачык таш кошуп сиңирип өңүнө чыгаргандык; *бойогу коруш алса, тунук туздай мөлтүрөйт.*

КОРЧОЙ *түнд.* кичине туруп чонсунуу, кыйынсынуу, мыктысынуу; *кара күчкө корчойот да.*

КОРЧОКТО *чүй.* корс – корс этүү, ороңдоо; *корчоктойт, албуут неме чатак салат.*

КОРЧУЙ *өзг.* калдайып катуу,

тоңуу; *балбырап суу боло түшүп, анан корчуйуп калды.*

КОТОН: жар котон короо өңдөнүп калган жар; *үч котон үч короо.*

КОТУР *тторо.* чөбү жок, бор кемиктүү бодур – бодур таштуу, шоролонгон боз чап келген тоо жери; *котур жерде алтыгана өсөт экен.*

КОЧ *жерг.* кучакташкандык; *экөwү рәссә коч–коч кылдылар* (сөздүн бул уңгусу көбүнчө "кел, кыл" деген этиштер менен тутумдашып келет).

КОЧУРА I *ташк.* жыйылуу, чокмороктошуу; *үймөлөктөп кочурап тургандары болбос.*

КОЧУРА II *акт.* үрбөп – дарбоо; *түн ортосунда үй кыдырып кочурап жүрвөгүлө.*

КОШДАНЕК *лейл.* 1. өрүктүн бир түрү; *өрүкзарыңарда кошданек өсөвү?;* 2. эки данекти эки киши бир – бирден алып, жашырышып ойногон оюн; *кош данекте унуткарып жүрүп, ким мурда эстетсе, шо утат.*

КОШКИНДИК *ал.* козунун ич оорусу; *козу кошкиндик болсо эки–үч күндө ле өлөт.*

КОШО: кошого жошо *ноок.* үстөккө – босток, өлгөнгө көмгөн; *кошого жошо болуп байа күнкүнү әйттиңби?*

КОШОГОНЧ *алб.* кошоонок; *кошогончту чогоного итерип живербе.*

КОШОГОЧ *ал.* кошоноок; *кошогоч киши болуп көрүндү.*

КОШОЙ: үч кошой *тал.* тээ алыскы кысталыш; *энеңерди үч кошойдон гана көрсөтпөсүн.*

КОШОЛОКТО *ал.* кошуп айтуу, кошуп жиберүү; *кызылы кызык өңдөнөт деп, кошолоктоп живерди.*

КОШОМАТКӨЙ *жжол.* кошоматчыл; *колунан иш келвей кошоматкөй болуптур.*

КОШТОН *лейл.* кошууч; *коштонуңду нары кыл, көп безилдеве.*

КОШТОНДО *лейл.* кочуштоо; *көк почокту коштондор алыс тәштә.*

КӨWЛӘН *пам.* ачылуу; *айывынын чети ачылып түвү көwләнди* ("түвү быкшыды" болуп да айтылат).

КӨWЛӘЧ *жерг.* сузгу; *көwләч кашыктан кәттә келет, тамак аралаштырат.*

КӨВӨК *ал.* кичине чуңкурча; *улар таштын көвөгүнө да тууйт.*

КӨВӨЛӨКТӨ *кем.* эптеп кураштыруу; *илгери кичинекей кепени көвөлөктөп салган экен.*

КӨВӨЛӨҢ *атб.* эси жок көпкөлөң; *көвөлөңдүн карды тойсо, кармашарга жоо издейт.*

КӨВӨР *чүй.* эт, эттенип ирденүү; *кунаным тез көвөрүп чыкты.*

КӨВҮК *батк.* жойпу; *эки сүйлөгөн көвүк киши ол.*

КӨДӨҢ: кыдың көдөң *чүй.* ич ара күдүң – сүдүң болгондук; *эми бизди кыдың–көдөң дешпейви?*

КӨДҮЛ: ак көдүлдүк *тал.* кытмыры жоктук; *ак көңүлдүгүн баалайм да.*

КӨЗ: көз болуп өлдү *жерг.* көз тийип өлдү; **көзгө жетпөw** *пам.* кечигүү; *баласы алыста калып, көзүгө жетпептир* (көрбөй калыптыр).

КӨЗДҮК *батк.* көз тийүү; *шонон сәәл көздүккөндөй болуп бүкүрү сымал боп каган.*

КӨЗКАТ *ал.* аябай эңсеп, күсөгөндүк; *көзкат болгондо гана келип көрүшүп кетет.*

КӨЗӨК *ал.* оюк: *топ мынтыктын ичи көзөк, пахтаны тоголоктоп алып атып ойнойттор.*

КӨЙ I *ыск.* эс – дарт, көңүл; дит; *көйүндө сага келген түйшүк маа эмне, маа эмне кавылвайт деп турду.*

КӨЙ II: көчө–көй *ноок.* көчө – пөчө; *көчө–көйдө чытышып баратканын көрө.*

КӨЙКӨЛӨЙ *тторо.* көйкөлө керилген; *минип турган атыңа жал болойун көйкөлөй.*

КӨЙНӨК: кызыл көйнөк *пам.* өңү сулуу, куйругу кызыл келген канаттуунун аты; *бизге кызыл көйнөк жазда келет*; ◊ **көтөрмө көйнөк көйкөлөт** *өзг.* өз абалын билбей менсинет.

КӨЙӨ: жүндүw көйө күздүн күнкү кырман маалында жасалган көжө.

КӨЙПАЙ *тал.* беймаза; *эми ошону эстеп көйпайга түшүп отурат.*

КӨККЕНЕ *өзг.* күйдүргү оорусунун бир түрү; *көккене катуу болуп, көгүш түстө чыгат.*

КӨКМӨ *ал.* өлүк туулган; *жетилтпей ичиден көкмө тuwган кой.*

КӨКМӨРҮЧҮ *зам.* улакчы, көк бөрүчү; *чини – чини – чини кыз, чывар атка минди кыз, көкмөрүчү кегенде көтөрүлүп чыкты кыз* (таб. боз үй).

КӨКМӨТҮ *ал.* үч жашар аркар; *Көк – Сайдан түтүн булатсаң, көкмөтүн атып сулатсаң.*

КӨКӨWҮРДӨ *ал.* көөкөрлөө; *тазза ле шунуңду әсиветтеп калыпсың, көкөwүрдөп ап кетсеңчи.*

КӨКӨМОЙУН *ал.* таандын тумшугу кара келип, көзү чекир, мойну көк бир түрү; *көкөмойунду атып жесе болот.*

КӨКПОЧОК: көкпөчөк дарвыз *батк.* дарбыздын кабыгы көк тарам келген түрү; *көкпочок, кара дарвыз эккендер пулдун астында калышат.*

КӨКСОО *өзг.* чымдуу келген дың; *чөп тамырлары туташ кармаган көксоо экен.*

КӨКСӨW *пам.* аябай семиз (адамга карата); *жүдә көксөw боптур.*

КӨКСӨӨЛ *тторо.* өңү көгүш келген өсүмдүктүн аты; *көксөөл өссөт, кекире өсөт, көвүргөн да бар.*

КӨКТАЛ *ал.* карчыганын үчүнчү кабыргасынын алдындагы жука көк түс эти; *жылкы жаталак болсо, кермегинй алып көкталга кошуп шиwеге менен сайып койот* (азыр бул көрүнүш эскирген).

КӨКТҮК *жжол.* аза күткөндүктүн белгиси катары кийилген көк түстөгү кийим (көк көйнөк, көк жоолук, көк чапан); *үстүндөгү көктүгүн бир жуват.*

КӨКҮЛДҮРҮК *ал. к.* көкүлдүк.

КӨКЧИМЕЛ *батк.* көгүш; *сүйлөсө үвәж сүйлөйт, минсе көкчимел ат минет.*

КӨКЧӨ *жерг.* көк сымал; *көкчө – көкчө, көп өңү жок бөксө.*

КӨЛБУКА *чүй.* бегемот; *килеңди билбейм, көлбука болгон экен.*

КӨЛМААТ *ташк.* дененин көлбүп дендароо болуп жайылгандыгы; *кымыз ичип көзү көлмаат тартып чыкты.*

КӨЛМЭЭРИМ *ташк.* эзилише балкылдагандык; *эски таанышындай көлмээрим.*

КӨЛПӘҢ *ал.* бош, чыйрак эмес; *көлпәң болво, бышык бол.*

КӨЛТӨКБАЙ *тоң.* көлтөйгөн адам; *мову көлтөкбайдын ырыс – кешиги курсагына чыгыптыр дейт.*

КӨМӘК *пам.* тиши жок; *пөкүлдөп сүйлөй әвәй калыпсың, тишиң түшүп көмәк болдуңбу?*

КӨМГҮ *ал.* көөмп ийме, көөмп коймо; *онун үстүтө топурак ыргытса, көмгү дейт гочу.*

КӨММӨ: көммө кәвәп *ал.* койдун сулп этинен кесек – кесек туурап, тузка калемпир – мурч сээп, ортосуна бүкүлү пияз, сарымсак жана бир кесим куйрук кошуп, сыртынан он – он беш жаш аткулак ороп, улам көк чөп менен чырмап корго көөмп бышырган кебеп; *көммө кәвәпкә ачык суw сээп да берет.*

КӨМӨ *чүй.* никесиз; *көмө катыны болгон имиш.*

КӨМӨГӨЧ *ал.* көмөнөөк; *көмөгөч бовой не болдуң дейсиң дә.*

КӨМӨӨК *ал.* көмөнөөк; *шодон кийин көмөөк аталып кетти.*

КӨМСӨӨ *ыск.* далдаа, көмүскө; *көмсөө жерге отуруп алыпсың да.*

КӨҢГӨЛҮҮ *тоң.* көңдөй боштук; *жер алдындагы көңгөлүү бүтүн бут эле сенин аллоо-саллооңо толуп чыкпасын?!*

КӨҢҮЛБАК *ташк.* кош – пеш; *шагын сындырбас үчүн көңүлбак сөз айтты.*

КӨӨКҮМ *чүй.* ар кыл оордук, жүк, салмак; *көп деп жүрвөй көп-көп көтөр көөкүмдү.*

КӨӨЛ *чүй.* тарууну куургандa пайда болгон күйүк; *күйгөн көөлгө кайнак суу кошсо, сыйа болот беле?*

КӨӨЛӨ: жер көөлө *сүл.* погреб; *жер көөлөң кең өңдөнөт.*

КӨӨН *тоң.* ыраазы, каниет; *мандай сырткы көрүнүшкө көөн болгум келвейт.*

КӨӨРЧҮТ *тоң.* көрчөгө; *турмуш көөрчүтүнөн алынгандай.*

КӨӨЧҮ *түнд.* көмүр өчүргөн адам; *көөчүлөрдөн токой орттөгөнү чыккан эмес.*

КӨПӘ *ал.* көйрөң; жел өпкө; *ол бала жүдә көпә экен әә!*

КӨПКӨЛ *тторо.* ыпыр – сыпыр, шакел – шукел; *көркөмдүү неме деп жүрсөм, көпкөлдөн начар окшойсуң.*

КӨПКҮРЛҮК *чүй.* көпкөн; *үмүрдү бекерчилик, көпкүрлүк менен өткөрбөсүн.*

КӨПТҮРМӨ *сүл.* унга жумуртка чегип аралаштырып, анан сүткө жууруп, бетине «сейдананын» жыттуу уругу себилип, чегилип кооздолуп, тойго карата жасалган нан; *көптүрмө баатыр көп болсун.*

КӨПҮЛ *түп.* көбүрүп – жабыруу; *карагайлуу беттер, өзөндөр көпүлөт.*

КӨРГОРОШ *лейл.* чымын менен азыктана турган кичинекей канаттуу; *көргорош да тәнини алса, болду дейт.*

КӨРИЧЕК *лейл.* сокур ичеги; *көричекке нан пәллә туруп жүрвөсүн?*

КӨРЛЕ *акт., сейр.* таң аткыча; *көрөөр таңды көрле аткардык.*

КӨРМӨСӨК *алк.* 1. көрмөксөн болгондук; *акмак айагынан карыйт, адепсиз акылынан карыйт деп, көрмөсөк болду;* 2. бир иш менен алек болуп аны бүтүрбөй жүрө бергендик; *көрмөсөк болбой бүтүрбөйсүңбү?;* 3. белимчи; *көрмөсөк элесиң, көргөнүңөн калбай;* 4. *жерг.* бир нерсени кокус көрүп калса, "мениkи" деп талаша берген адам; *көрмөсөккө көргөзвө, талашат.*

КӨРМӨСӨКТӨ *алк.* 1. көрмөксөнгө салуу; *имне кылып атасың өзүңчө ле көрмөсөктөп;* 2. жалакайлануу; *маңдай-териң төгүлсө – жериң өнүмсүз болбос, көрмөсөктөвөй бол.*

КӨРНӘМӘК *батк., зам.* жакшылыкты билбеген; *көрнәмәк адамга саткай жакшылык.*

КӨРӨГӨНЧ *алб.* көрөгөч; *көрөгөнч эмессиңби, төмчөнү карашып койчу.*

КӨРӨСӨЛҮW *ал.* 1. көрүүгө сонун, кызык; *көрөсөлүw дегенден көрүндүк бердим жеңеңден;* 2. көрөрмөн; *ол жакка тәжрийбәси көп, көрөсөлүw адамдан жөнөттүм.*

КӨРҮ *акт.* чыгаан мыкты, көзгө көрүнгөн билгич, билерман; *туугандарымдын көрүсү эле ошол.*

КӨРҮМЧҮ *түнд., терг.* азыткы, албарсты; *көрүмчү көрүнчү деп калп эле айтышар эле* (азыр бул тергөө эскирген).

КӨРШҮ *чүй, сейр.* коңшу; *тигилер биске көршү конгон.*

КӨСКОР *тал.* көз каранды; *бүрөwтө көскор боло көрвө.*

КӨСӨЛЕК *жерг.* начар, серт, жүдөө; *көрвөгөнгө көсө таң, көсөлек итке сакал таң.*

КӨТӨЙ: көтөй-татай *жерг.* капысынан чочуганда айтылуучу

сырдык сөз; *көтөй – татай, тиги кантет?*

КӨТӨРӨҢ *тал.* көтөрүм; *көтөрөң сымал суйдаң туман.*

КӨТӨРҮЛ *жерг., зам., батк.* эстен чыгуу, унутуу; *жадымдан көтөрүлүп кетиптир, энди эсинедим.*

КӨЧКӨК *ал.* көчөберме; *башта көчкөк экендер, энди ол калып кеткен.*

КӨЧКӨМӨЧ *жерг.* жайлоого көчөр кезде боз үйдү чечип болуп, үй ичин таңып коюп, анан ал жерди шыпырып тазалагандан кийин жуп жөнөр алдында элге ажыраш аяк катары берилген тамак; *эл жайлоого көчөрдө көчкөмөч береттер.*

КӨЧӨ: көчө – көчө *батк.* уюган сормо; *жол көчө – көчө баткак болор эде, энди жол аспалт.*

КӨЧӨГӨНЧ *алб.* көчөөнөк; *көчөгөнчтүн эки ити чозуп кетиптир.*

КӨЧӨГӨЧ *ал.* көчөөнөк; *көчөгөч болуп жүрүп жашагандар.*

КУWГУЧ *батк.* кууй турган; *кuwгуч новпаз ыкыс берди.*

КУWДАЛА *тал.* сая түшүү; *кuwдалап окуган жана кува түшүп аракеттенген адам.*

КУWУШ *алб.* ушалоо; *колдору кuwушпай, эриндери бирикпей.*

КУВУ *тторо.* тектирден кичирээк жер; *кувуга кулжа кабылат, кулжанын жүнү савылат.*

КУВУЛДА *өзг.* жеңилденип эркин сезүү; *узак жол басып эс алдым эле, эртең менен кувулдап калыпмын.*

КУЙААК *ал.* куянаак; *өлчөгөндөй куйуп жүргөн куйаак ол.*

КУЙАГАЧ *ал.* куянаак; *Бәкир куйагач деп аташаар эде.*

КУЯН *тоң.* маңыз, натыйжа, жүйө; *мунун куйанын кийин айгинелеп берет.*

КУЙАНА *тал.* куя; *кутулбас куйанага калбасын ошондо.*

КУЙМАЛАН *тал.* сендиректеп дайын таппоо; *нар жак, бер жагында куймаланды.*

КУЙЧУНДА *өзг.* бир орунда тынч турбай кыймылдай берүү; *тетиги кой куйчуңдап жөн турбады.*

КУЙУШ *атб.* эшилме; *куйушка кирип, көк кашка суунун жайылмасынан гана тизгин жыйды.*

КУЛАК: чаар кулак *тал.* мандалак; *аларды жowгазындын буларды чаар кулактын гүлү деп койот;* **мүйүз кулак, кийиз кулак** укканын эсинен чыгарбаган адам.

КУЛАНЖЕЙРЕН *чүй.* ала күү болуп кызып алгандык; *эми бир ас кылт этсе, куланжейрен болот.*

КУЛАНЭЭК *тал.* куланөөк; *таң куланээк кезде гана чыкты.*

КУЛЖАГАЙ *тторо.* чачырап, арбайып – тарбайып көрүнгөн; *кулжагай мүйүз кула сан, кулагың болсо тыңдасаң.*

КУЛЖУЙМА *ыск.* кулжуюп жүрө берген; *куу киши – кулжуйма, тынч жүрө берип бир балээ салбасын.*

КУЛК *чүй.* жүрөктүн дүлөйү; *эт салганда жүрөктүн кулкусун алып таштайт.*

КУЛПАП *атб.* суу куйгуч; *кулпап менен кашкар чайнек жасап живерчү эле.*

КУЛПУ *түп.* кырмызы, фиолетовый; *кулпу гүл алган өсүмдүктү чекилдек дешет.*

КУМАЛАН: кумалан – тумалан *ал.* омолонуу – томолонуу; *кумаланды – тумаланды, бир паста жеп бүтүштү.*

КУМДАРВЫЗ *батк.* дарбыздын ички ширөси өтө эзилип кетпеген түрү; *кумдарвыз жесең кычырайт та.*

КУНАВАЛАН *батк.* шумдануу, шоктонуу; *деңсенде күнаваланып жатат.*

КУНАВАЛУW *батк.* шумдуктуу, шоктуу; *эр тuwганы эшиктен, әйәл*

тувганы төрдөн деп күнавалуw гэп әйтәт.

КУНДАН *чүй.* ыштыктын түтүн чыгуучу бөлүгү; *ыштыкта оос, мойун, анан кундан болот.*

КУННААКЫ *ал.* майып; *тип илимини билвесе, куннаакы кылып койушу бар.*

КУПЧА *лейл.* чачтын учуна тагыла турган кооздук; *купчасы әйм бар, дәсоромолу йәм бар.*

КУРАГАНЧ *алб.* кураанак; *кураганч болсоң, пахсалардын тәмәрисин ичке кыл.*

КУРГАК *жерг.* куру, бекер, жөнү жок, орунсуз; *сен не мени кургак жерден беннәм кыласың?*

КУРКУУЙ *чүй.* куркугуй; *куркууй мойун авышкадан сөз чыкты.*

КУРСТАН *ал.* шат; *увлуңдун бойуга курстан бовой ойуга курстан бол.*

КУРТЕК *атк.* сабагында туруп куурап калган мөмө; *өрүк өзү куртек дә болуп калат.*

КУРТУКЕЙ *пам.* кылт этип таарыныш тултуйгандык; *атасы өлүп алдыга сулап куртукейи тутту.*

КУРУК: **алowдун тиши жок, өлкурук менен иши жок** *жерг.* от суу эмес, жалын алса, жаныңды койбос деген маниде айтылчу туюнтма; **көпкө жүгүргөн азыдан да курук калар** *жерг.* эки тоонун башын самаган түлкү ачка өлөр деген мааниде айтылуучу туюнтма.

КУРУМ *зам.* кара, сары аралашкан өң, түс; *кәлхоз тәшкил богон кезде курум, курум сары ат минер эде.*

КУРУНДАЙ *ал.* курулай; *кут кылваса кантесиң курундай төгүп жашыңды.*

КУРУРЕТ *чатк., эск.* кандайдыр бир асыл таштын түрү; *ал жерден курурет деген таш алышыптыр.*

КУРУТ: Айаз, өткөн күнүң унутпа, эски чарыгынды курутпа *жерг.* (лак).

КУРУШКААК *ал.* өң – алаты курушуп көрүнгөндүк; *курушкаак адамдын элесидей онун өңү негедир.*

КУРШУ *түшт.* нымы соругуп куруу, соолуу; *айран куршуганда шорпого кошсо йам болот.*

КУСААК *ал.* кусанаак; *эртеси ле кусаак болуп каган дейт.*

КУСАГАНЧ *алб.* кусаанак; *кусаганч неме тәкилетине каравай кусуп койду.*

КУСАГАЧ *ал.* кусанаак; *кусагач болсо әйәли зөкивей койову?*

КУСАМЫК *тал.* бук, капа, санаа; *көңүлдөгү кусамыктын баарын айдаптыр.*

КУСКУР *лейл.* кустуруу; *кускуруп отуруп чарчадым.*

КУТАЛ *пам., сейр.* өтө анча бийик болбогон ашуу; *куталдан өтүп кувган бар* (бул жакта өтө бийик, татаал, таштуу келген ашуу "арт", жөн эле бийик, жайык келген ашуу "дабан" ээр кайкыдай болгон ашуу "бел" деп аталат).

КУТКУ *батк.* ээрдин куюшкан учу байланган жери; *бизде кутку башка, куткун дегени йәм башка.*

КУТУНУ *тторо., эск.* кандайдыр бар жумшак нерсе; *кутуну тийвес этине, куу тырмак тийди бетине.*

КУУКАЙЛАН *ыск.* митаамдануу, кууланuу; *куукайланып гана кыр көрсөтөт, айланайын.*

КУУКАНА *чүй.* митаам; *көп ойлогон тыкан, ары куукана неме.*

КУУЛГУ *пам.* жан таштоо, аябай жүткүнүү, жулкунуу; *курумшу телпек кувшумшук, куулгуп чаап барды шумшук.*

КУУНАЙ *жжол.* кумсаруу; *савыры суз тартып, өңү куунайыптыр.*

КУЧ I *жерг.* кучак; *кучума кел, куват.*

КУЧ II *жерг.* 1. кучактоо; *мени куч,*

бовосо мен сени куч кылам; 2. кол жаюу, кучак жазуу; *тутамдай сени белиңди кучканы келсем, мөлмөлүм.*

КҮВӨК *тторо., эск.* кандайдыр таттуу мөмөлүү жыгач өсүмдүгү; *күлбәй эшке сен барып, күвөгүн үзүп жедиңби?* (азыр бул атоо эскирген).

КҮВҮРӨК *тторо.* тоолуу жерге чыга турган өсүмдүктүн аты; *бул жакта күвүрөк, карендес, кендир куурай, көдөө өсөт.*

КҮДҮРӨКӨЙ *ыск.* күдүрөйүп көрүнгөн, күдүрөйүп чыккан; *күдүрөкөй – бүдүрөкөй күлдүрсөң өнтөлөй.*

КҮЖҮМ *өзг.* дүн; *күжүм сатсаң алам.*

КҮЖҮР *ыск.* салмак салгандык, оор тарткандык; *жалгыз бой энесине күжүр келип жүрөт, келинчек кийрип бервесе болбойт.*

КҮЖҮРДӨШ *тал.* күжүлдөө; *түндү түн, күндү күн билбей күжүрдөшөт дан шилеген колдор.*

КҮЗӨК *чүй.* күзгү орум, чабык; *азыр сепсең жетилип күзөк болуп калат.*

КҮЗӨКТӨ *пал.* күзгө чейин жетүү, баруу; *күзөктөп барат ко.*

КҮЙГҮ *ал.* күйөнөөк; *күйгү болсоң дурус болот.*

КҮЙГӨК *ал.* күйө берме; *күйгөк болсоң күтө түш.*

КҮЙГӨЧ *ал.* күйөнөөк; *өзгөчө күйгөч болуп кеткендейсиң.*

КҮЙДҮМ *ал.* килемге түшүрүлгөн көчөттүн бир түрү; *бир эле гилемге тамаша көчөт, журнал көчөт, ноктo башы, күйдүм көчөт, кызгалдак түшүрүлө берет.*

КҮЙМӨКҮ *жерг.* кызганчаак; *күймөкү бала пахтаны көп тере веде?*

КҮЙӨӨК *ал.* күйөнөөк; *сен неге ле маңа күйөөксүң?*

КҮЙПӨКТӨ *сүл.* күйпөлөктөө; *жетине алвай күйпөктөп жүрөт.*

КҮЙПӨТ *батк.* түйшүк; *күнүмдүктүн күйпөтүн түртүп сал.*

КҮЙПҮ *ташк.* бушайман; *сүйлөп бараткан менен өзүнчө ой күйпү.*

КҮЙҮКТӨ *лейл.* өрттөө; *гүwдү негедир күйүктөп жүтөрдү.*

КҮЙҮКТӨНГҮР *лейл.* бирөөнү жемелегенде «өрттөнүп кет, өрттөнгүр» деген мааниде айтылуучу сырдык сөз; *аш улуwдан, иш кичүwдөн дейт күйүктөнгүр!*

КҮЛ I *батк.* кан токтотуу үчүн пахтаны майга сиңирип күйгүзүп баскандык; *күл кылып бассаң, каны тез токтойт десем, куwушканы коподон экен, таарынып калды.*

КҮЛ II *атб.* оюунун бир түрү; *мүйүс, ойуу, күл ойуу, тавак ойуу дегендер ушулар.*

КҮЛГӨК *ал.* күлө берме; *күлгөктүгү жагыдан ого ич ким жетпес.*

КҮЛДАН *чүй.* пепелница; *күлданый кайда ыйа, бери кылчы?*

КҮЛДӨП *тторо.* жалпы, бүт; *күлдөп элдин ичинен көксөп келип тапканым.*

КҮЛКӨЙСҮЗ *карс.* күлбөй турган; *бир баланын дартыдан бакшы менен дос болгойсуз: күлкөйсүз болупсуз.*

КҮЛКҮ: күлкү – күлкү *өзг.* күрп тоокту козутууда айтылуучу сырдык сөз; *кымындай болгон булчуң эт күлкү – күлкү деп койсо кере карыш узарат* (таб. тооктун салаңдоолорунун жайылып кетиши).

КҮЛӨГӨНЧ *алб.* күлөнөөк; *күлөгөнчкө суw баканды карmата сал.*

КҮЛӨГӨЧ *ал.* күлөнөөк; *күлөгөч болсо, гүлү жайнасын; бөлөгөч болсо, бөөрү таласын.*

КҮЛӨӨК *ал.* күлкүчүл; *күлөөк аталып бүттүң гочу.*

КҮЛПӨТТӨ *тторо.* бапестөө; *күлпөттөп баккан балдардын атасы гана девейви?*

КҮЛҮК I *ал.* кой кырккан кезде

анын бутун байлаган жип; *күлүктү чеч да койду койо берип жүгөр.*

КҮЛҮК II: күлүк-күлүк эт *ал.* чулк-чулк этүү; *таштын түбү күлүк-күлүк этип атат.*

КҮЛҮНТҮК *акт.* кырмызы; *күлүнтүктөй кулпурган жапжаңы нооту.*

КҮНДӨШ *ыск.* күнүлөө; *тиги жигиттен апамды күндөшүптүр.*

КҮНӨК *чүй.* күн чубактагандык; *талаада анын түнөгү, таңдан кеч жүргөн күнөгү.*

КҮНҮҢГӨ *ноок.* күн сайын; *күнүңгө чин тийвеске кол тийгизем деп жүрөт.*

КҮЧТӨ *тяньш.* апкыттоо; *күл чечек көргөнсүп күнчтөй басып баратат.*

КҮҢСҮК *жжол.* быкшыган сасык; *кәрвиттин күңсүк жыты жыттанып да турат.*

КҮҢҮТ *пам.* лыкылдап көп болуу; *койлорду жыйып күңүтүп жүгөрөр эде.*

КҮПӨ *туп.* күпсүгүй; *күпө тондун ичинде ымшып тердеп, ысып-эзилип...*

КҮПӨТТҮҮ *ташк.* жүрөкзаадалуу; *күпөттүү түйшүктөн алыс болсун, таза болсун.*

КҮПҮР *өзг.* зыйнат; *эмне ле анын күпүрүн кылып жатасыңар?*

КҮРКҮРӨWҮЧ *пам.* дирилдек оюнчугу; *күркүрөwүчтү азыр деле ойнойт.*

КҮРӨ I *ал.* кымыз, бозо куюла турган идиштин аты; *күрөдө кымыз күрт этет.*

КҮРӨ II *тал.* кышында күрөлүп тазаланып коюлган аянт, жер; *Кевек күрөгө чыгып кетти.*

КҮРӨҢГҮЧ *алк.* күрөң сымал; *эңү күрөңгүчүнөн ала гел.*

КҮРӨҢДӨ *тал.* кык чачуу; кык төгүү; *ологойлонбой агаротту күрөңдө.*

КҮРӨҢЧӨ *батк., жерг.* бир аз күрөң сымал, күрөң өңдүү; *билишиге караганда күрөңчө экен.*

КҮРПӨҢДӨ *тал.* барбактоо; *аппак кар Алимандын маңдай чачына, жакасына, башындагы салынганына күрпөңдөлө жыйналып жатты.*

КҮРС I: күрс-марс *ноок.* чың, бышык, чыйрак, тың; *әли арыганды-талыганды биле элек күрс-марс кездери.*

КҮРС II: арыс-күрс *акт.* арыз-дат; *арыс-күрскө дүрбөтпөсүн ошол.*

КҮРТ *ал.* ары-бери оодарылып чайпалгандык, толкугандык; *күпчөктө бозо күрт эткен.*

КҮРТӨК *ал.* запкы, келтек; *күртөк жеген неме бейм?*

КҮРТӨКТӨ *зам.* бүчүрлөө; *өрүктөр күртөктөп калды.*

КҮРҮЛДӨМӨ *түнд, терг.* жолборс; *күрүлдөмөгө жолуккан* (илгери эл жолборсту ыйык жандык катары эсептеп, аны түшүндө көрсө жакшылыктын жышааны дешкен жана духтардан коргойт, сактайт деген ишеним менен анын тырмагын, жүнүн, куйругунун учун баланын бешигине илип келишкен. Жолборсту жогорку сөздөн башка да "шер, кара кулак, чаар, баатыр" деп тергөөлөр да орун алып келген. Азыр бул тергөөлөр жоюлууда).

КҮТКӨК *ал.* күтө берме; *күткөк боло авасаң кийин кайда барарыңды билвейм.*

КҮТӨГӨНЧ *алб.* күтөөнөк; *кайым болуп кеткен бүркүтүн күтөгөнч неме дагы ле күтүп жүргөндүр.*

КҮТӨГӨЧ *ал.* күтөөнөк; *сен кандай күтөгөч болуп кеткенсиң?*

КҮТӨӨК *ал.* күткүчүл; *өзүнүн баласына күтөөк, а башкагачы?*

КҮТҮЙТ *базк.* күтүп жатат; *ол нени күтүйт, әә?*

КҮТЧҮ *атб.* сакчы; *бөйрөк жесе кыз-келин бекбекейдин күтчүсү.*

КҮҮН: күүн-күүн *чүй, ыск.*

кандайдыр бир күүлдөп чыккан дабыш; *күүн–күүн күркүрөйт, күмөн тайлак буркурайт, күмөн тайлак ичинде седеп–мончок жылтырайт* (таб. дарыя, агын суу).

КҮЧАЛАВАЙ *өзг., сейр., эск.* көпчүк; *кишим–кишим жүгүргөн, күчалавай токунган.*

КҮЧТӨМӨНДӨ *кочк.* күчкө салуу; *жапайы арчаны күчтөмөндөп арылай басты.*

КҮЧҮК *зам.* беш таш ойнунда бармак менен сөөмөйдү жерге кере коюп, жердеги эң ыңгайсыз жаткан ташты колдун керүүсүнөн айдап өтүү учуру; *күчүгүң кайсы, сакаң ого тийвесин.*

КҮШКҮШТӨ *жерг.* чагуу, тукуруу, күүлөө; *күшкүштөп уруштурва үлуңду.*

КЫ: эч кысы йок *базк.* таасирсиз, зыянсыз; *тим гой, онун эч кысы йок.*

КЫВАКТА *жерг.* кыламыктоо; *кар кывактап түштү.*

КЫВЫРАК *ташк.* кибирең, кыбырап жай кыймылдагандык; *де кывырагың ченде жок го, бери басчы.*

КЫВЫКТА *зам.* чыбыктоо; *данканагача кывыктап әйдәп бар.*

КЫДЫРМА ал. бир идиш менен бир нече адам кымызды кезектешип ичүү жөрөлгөсү; *бир катар кыдырма кылвайсыңбы?*; **кыдырма улак** *өзг.* бир нече адам өз ара макулдашып кезек–кезеги менен бири–биринике барып, серке сойдуруп тамак уюштуруп жеш жөрөлгөсү; *иш вактыд айар, аш вактыда тайар болуп кыдырма улакка келгенин кара.*

КЫЖААЛ *кочк.* каар, ачуу; *кыжаалы келип, атын ан сайын теминет.*

КЫЖУУР *ал.* тоонун өтө татаал, тар, кыйын жери; *Көл–Кежигеге бир кыжуу жер менен араң өттүм.*

КЫЖЫ *тал.* убап – чубоо; *самосвалдар кыжыйт, күнү–түнү тымбайт.*

КЫЖЫК *өзг.* тил албаган, кежир; *ал жеткен кыжык киши.*

КЫЖЫКТА *өзг.* кежирдик кылуу, кыйыктык кылуу; *түндө кыйла кыжыктады.*

КЫЗБАК *тал.* ышкы табити; *кызбагың чап менен канбас.*

КЫЗГЫН *жерг.* кызуу жүрүп жаткан иш; *ремонт кызгын.*

КЫЗМАЙЧА *жжол.* кыздын кызы, кыздын назиги, мыктысы; *менин тапканым ошол кызмайча.*

КЫЗМОНЧОК *өзг.* кызыл гүл алып, башы сүйрү келип, ичинде мончокко окшош уругу болуп, тоодо өсүүчү өсүмдүктүн аты; *кызмончок кызыл урук алат.*

КЫЗЫГЫЧ *ыск.* кызыктуу; *уруш кызыгыч эмес.*

КЫЗЫКЧЫ *жерг.* куудул; *кышка кам көрүштүн жайыны ол кызыкчыдан сурайлы.*

КЫЗЫЛГАЗАН *жерг., өзг., ал.* колхозчуларга майрам күндөрүндө оюн куруп, ысык тамак уюштуруп берүү; *кызылгазанга чыкчувуз.*

КЫЗЫЛГИЙИК *пам.* жапайы эчки – текенин жалпы аты; *Салык–Ташта кызылгийик көп.*

КЫЗЫЛГОЗУ *жерг.* көпчүлүк чогулуп кандайдыр бир мал союп, туула элек козуну күзүндө беребиз деп этти бөлүп алуу; *кызылгозуга бересиң.*

КЫЗЫЛГӨЙНӨК *пам.* чымчыктын өңү кызгылт келген бир түрү; *Чат–Токойдо кызылгөйнөк көп болот.*

КЫЗЫЛСУУ *лейл.* килемдин «кара суу» түрүнөн кийин жалаң кызыл түр менен токулган орнамент (ушул «карасуу, кызылсуу» орнаменттеринен кийин кеште чыгарылат).

КЫЗЫМДЫК *ыск.* таттуулук; ширелик, сонундук; *бул өмүрдүн кызымдыгын шимидим го.*

КЫЙ I *кочк.* эчтеке жебей, оттобой тык туруп калгандык; *бир аз кой кый туруп калды;* ◊ **кой көрвөсө кый көргөн эчкилүw чалдын кызы элем** *зам.* кандайдыр бирөөгө же бир нерсеге нааразыланганда, алымсынбаганда, кимдир бирөөгө кемсинткенде, ага жооп кылып айтылган туюнтма.

КЫЙ II *суз., эск.* көк жөтөл, кыйма болуп ооруганда илгеркиче чечип дарымдоо; *кичинесинде энеси көкүрөгүн кыйган экен* (азыр бул ык эскирген).

КЫЙАВАТ *кочк.* өтө кызык; *кыйалдын кыйават чордонун чүргөп ойго батат.*

КЫЙАКТАВУК *жерг.* адыр, дөңсөөлөрдө өсчү өсүмдүктүн аты; *кыйактавуктун түвүнү жейт* (Шаартуз тарапта өсөт).

КЫЙАЛ: кыял чөп *лейл.* жалбырагы бадыранды жалбырагына окшош келип, бүр алып өсүүчү өсүмдүктүн аты; *щу кыйал чөптү сынганга, чыкканга, бел оwрута дары кылат эделер.*

КЫЙАДАТ *батк.* алек; *онун кыйалаты менен кам келип, ким кеткенини билвепмин.*

КЫЙАМДА: бир кыйамда *батк.* 1. бир заматта; *ат тапта босо, мана шуйеттен Раватка бир кыйамда жетет;* 2. бир калыпта, бир мүнөздө; *сен бир кыйамда жүрө вер, оwлугуп кетпе.*

КЫЙАП *чүй.* бүркүттү кокус кагып, уруп, запкы кылып койсо, анын ичине сактап калган кеги; *бүркүтү качып кетиптир, кыйапы болсо керек.*

КЫЙАР *ал.* жоош; *кыйар бала көрүнөт, үн катпады.*

КЫЙГАЗ *алб.* жапырт, текши; *чытыр кыйгаз гүлдөгөн кез.*

КЫЙГАК I *атб.* малдын шыйрагынын бакай ченинен пайда болгон ооруу; *бакайынан кыйгак болгон кой өрүш алды.*

КЫЙГАК II *тал.* үч жагы ичке келген көрүнүш; *кыйгак кулак кызыл ат.*

КЫЙКАЙ *ал.* жер, айдоонун үч бурч келген кыйгач жери; *о кыйкай маңа таандык.*

КЫЙКЫ: ойку–кыйкы *чүй.* олку – солку; *ойку–кыйкы болуп жүрөт.*

КЫЙМА I *тал., сейр.* төөнүн сүтү; *төwдүн кыймасы койуw келет.*

КЫЙМА II *ноок.* кылыр; *көзү кыйма, жүндү тике карай алвайт.*

КЫЙМА III *батк.* 1. жылкыга бир аз кыйгач тартылып, «1» түрүндө басыла турган тамга; 2. койдун жаагына түрүндө салынуучу тамга (койго басылганда ал «кыйма эн, кыйма чек» деп да аталат).

КЫЙМА IV *түнд., терг.* каман, донуз; *кыйма чалса, эки бөлүнүп жатып калат да* (илгери каман, донузду «кыйма, кылгыйма, кара кийик» деп тергөөлөр орун алса, азыр алар жоюлууда).

КЫЙМА V *жжол.* кымыз ачыта турган жыгач идиштин аты; *кымыз кылсаң кыйма тап.*

КЫЙМАЙ *зам.* илгери койдун корголунан алынган нерсе; *мурда кыймай алчу эде* (азыр мындай жок).

КЫЙМЫС *ыск.* былк этпегендик; *бөөдө жерден чочутуп албайын деген ой менен кыймыс алдырбай олтурдум.*

КЫЙПАТ *ал.* бирөөнүн оюн, сөзүн коштогондук; *онун кыйпатыны кылып жатасың.*

КЫЙМАТ: бекерге кыймат *батк.* сөзгө кирбеген, тил албаган; *ә, ол бекерге кыймат, әйткәниң менен кывайт.*

КЫЙРАКАН *ал.* кыйраткандык; *кыйракан кылса, эгеси көрүнөт дейт.*

КЫЙСЫПЫР *түп.* тыптыйпыл, тымтыракай; *кыйсыпыр түшүргөн турбайбы ал.*

КЫЙТАК *тал., сейр.* бөлүндү – бөлүндү болгон кичине айдоо аянт; *кыйтакка суw жайып кой.*

КЫЙТЫЙ *түнд.* кыртыюу, таарынуу, өпкөлөө; *кыйтыйып калдың, ичиңде арамың бар окшойт.*

КЫЙТЫЙМА *түнд.* кыйтыйып, таарынып калма адаты бар киши; *аа, кокуй, ага бирдеме десең эле кыйтыйып калат, жеткен кыйтыйма эмеспи.*

КЫЙТЫКЕ *ыск.* кыйтыйып таарынмасы бар; *кыйтыкени жактап чыгышыңыз кандай?*

КЫЙТЫҢДА *батк.* көргөзбөй кытып алуу; *кыйтыңдавасын, бээри – жокту үйгө жыйвасын.*

КЫЙТЫҢКЫ *түнд.* бир аз кыйтыйып таарынгансыгандык; *кыйтыңкы турган тиги курвусуна карады.*

КЫЙУW *суз.* кийимдин топчу кадоочу жери; *түймө кадайын кыйуwну көрсөтүп берчи.*

КЫЙЧЫЛ *лейл., бата.* кырчылуу; *кәнәп оромолу кыйчылып каптыр.*

КЫЙЫК *атб.* кулактын капталынан кыйылып салынган эн; *кулактын учунан салынган энди – бакан, капталынан салынганын – ойук же кыйык, учунан тилингенин – шара тилик дешет.*

КЫЙЫКСЫТ *базк.* укмаксан болуу; *сөз уккусу келвесе кыйыксытат экен.*

КЫЙЫП *алб.* оңут; *кыйывын таптым, мен алдым.*

КЫЙЫМДЫ *пам., эск.* жылкыга түрүндө салынган тамга; *кыйынды тамга энди басылвас?*

КЫЙЫМСАК *жерг.* кыйуга ниеттенгендик; *токойдон отун кыйымсак болдулар.*

КЫЙЫР I *өзг.* ар кыл оюндун бир ирет ойнолгондогусу; *келиң, картадан бир кыйыр ойнойлу; кыңыр иштин кыйыры кырк жылдан кийин да чыгар жерг.*(мак).

КЫЙЫР II *тал.* учур, мезгил; *куванам мен ушул кыйырда төрөлгөнгө.*

КЫЙЫТ *түшт.* кыйытма, жанытма; *кыйыт сөздү көп әйтәт.*

КЫКЫНТ *тал.* муунтуп буу; *күнүгө эки – үч маал кыкынтса, оwру да айланы кетирет экен.*

КЫЛАНДА *түшт.* кындоо; *кыландап бергениңизге куллук!*

КЫЛАНДАР *батк.* майда тыйындарды салып алгыч сомкече; *кыландарды кайда койдуң, үкә?*

КЫЛАНДУW *батк., лейл.* кындуу; *такмандын тәгидә кыландуw пычак жатат.*

КЫЛАҢ I *кочк., терг.* каймак; *бир аз кылаң берип живерчи.*

КЫЛАҢ II *чүй.* дык; *талаага таң кылаң бергенде чыгавыс.*

КЫЛАҢ III *түп.* кубулма; *үйрөнгөнүң чоочун мүнөздөй кылаңбы?*

КЫЛАП *кетм.* иле, амал; *жүгөрүдө да кылап көп.*

КЫЛАРМАН *ал.* тынбай иштей берген; *ашепке сүйлөбөгөн, ичинде кири жок, кыларман айал эле.*

КЫЛБАТТАН *лейл,. батк.* далдаалануу; *булар әли кылбаттанып туравы?*

КЫЛВЫК *ыск.* эң эле жука, жаланттык турган нерсе; *бүгүнкү кар сагызган изи да болвоптур, кылвык эле* (кээде «кылмык» деп да айтылат).

КЫЛВЫРАК *ыск.* жука, жаланттык; *жука гана кылвырак муз тоңуптур.*

КЫЛГЫТ *лейл.* каратуу, тиктетүү; *таш түндүктү кылгытып көрчү.*

КЫЛДА пам. өңчөй, чымкый; *кылда кара топо экен.*

КЫЛКА *суз.* суу, өзөн, дариянын жээги, кылаасы; *суу кылкасында мал жүрөвү?*

КЫЛКАН: ак кылкан *ноок.* жыты аңкыган чөп өсүмдүгүнүн бир түрү; *эвелек, ак кылкан, каз таңдай өсөрүн билем.*

КЫЛКЫЛДАК *пам., терг.* көгөөн, сайгак; *Алайдан кеген кылкылдак, куйругунун учу былкылдак* (таб. көгөөн, сайгак).

КЫЛМУРУТ *жумг.* боору ак, жону кара, муруттуу балыктын бир түрү; *байке тигине карасаң, кылмурут чыккан тура.*

КЫЛТА I *чүй.* өсүмдүктөрдүн мурут сымал келген ичке учу; *а куурайдын кылтасы майтарылбаптыр.*

КЫЛТА II *түнд.* чүкө оюндун бир түрү; *эртең кылта ойногонго барасыңбы.*

КЫЛТАКТА *ноок.* көйрөңдөнө назданууу; *көп гэп эшеке жүк деп кылтактап калыптыр.*

КЫЛТАНАК *зам.* кылыр; *кылтанагым, кыйкырганың ичиңе түшүп кетпесин* (сазайыңды жеп калба).

КЫЛТЕК *ноок.* тузак; *ал өрдөктөргө кылтек тартып койот.*

КЫЛТЫКБОС *тал.* арпа сымал дан алган жапайы өсүмдүктүн бир түрү; *кылтыкбос талаада өсөт.*

КЫЛТЫҢ: кылтың–кылтың батк. араң – араң; *кылтың–кылтың зорго ле турат.*

КЫЛТЫРАМА *ыск.* кылтырап турган нерсе; *бу бир кылтырама ит да.*

КЫЛЫ *тал.* ар түр, ар түркүн, ар башка; *карындаш алсаң, кылы–кылысынан ал.*

КЫЛЫЧПИЙӘЗ *батк.* жалбырагы жалпак, миздүү келип, негизинен тоодо өскөн өсүмдүктүн аты; *кылычпийәз Жиптик деген towgo болот.*

КЫМКАР *кочк.* тулаң; *жээгинде жашыл кымкар ак гүл ачкан.*

КЫМЧЫ *жерг.* «жүзүнүк» ойнунда салаага ташты кыпчып алып, анан бир буттап «көздөрдү» секирип айлануу фазасы; *муштан кийин кымчы болот жүзүнүктө.*

КЫН *түп, терг.* ич, курсак; *кыныңыз толсун, жаш баатыр, кымыз ичиңиз.*

КЫНААЛА *лейл.* 1. аярдоо; *кәмәрдин ичиге кынаалап кирсе, экитә бөөрү болуптур;* 2. *жерг.* жандоо; *тар жолдон кынаалап өтпөсө бовойт.*

КЫНТ *өзг.* айып, жеме, күнөө; *дагы сага кынт койуп, текөөрдөшкүсү келет ой?!*

КЫҢАРАК *түп.* эки жагы тик; *аркайган аскалар, зоолор, кыңарак жондор тэ–э көз учунда.*

КЫПТА *чүй.* даамына келтирип, чүйгүндөп тамак жасоо; *кыптап жасаган тамак койду.*

КЫПЧЕГЕР *пам.* устачылыкта колдонулуучу чоң кыпчыгыч, кармооч, кычкач; *кыпчегер, кол балка, сом балкаларды тәйәрдә.*

КЫПЧЫ *ташк.* кыпчыгый; *саал кыпчы келген таноосу шаа турпатына жарашып.*

КЫПЧЫКАТЫН *батк., ал.* кыпчуур; *тактанын асты кыпчыкатынга толуп кетиптир* (бул атоо адабий тилде одоно угулат).

КЫПЧЫЛДЫК *жумг.* эки айдоонун ортосунда келки – келки өөн болуп калган жер; *эскилерди кеңейтип, кыпчылдыктарды кошо айдайвыз.*

КЫПЧЫЛДЫРЫК *ыск.* кыпчынды нан; *казанга токоч жапканда арасында кыпчылдырык да болот.*

КЫПЧЫМА *жерг.* «эшек» деп аталган бийиктиги 110 – 120см, узундугу 4 – 5см келип, жерге орнотулган тактайдын бир жак башына конус түрүндө кесилип кагылган жыгач; *кыпчымага тактайдын учу киргизилет.*

КЫПЫК *түшт.* белге курчана турган кичине жоолук.

КЫРААГАЧ *ал.* кыранаак; *онуң кыраагач бовой түтөнсүн.*

КЫРААГАЧТАН *ал.* кырып – жоюп ийчүүдөй болуп кыйынсынуу; *кыраагачтанып жатып куса турган болду.*

КЫРААК *ал.* 1. бир нерсенин кабыгын, терисин кырып алма буюм; *шул үйгө киргилик кылса йәм кыраагыны бере койвос*; 2. кырып жойгуч; *тим эле кыраак болуп кеткендей*; 3. сөзгө сындырып, сөзгө чалып сүйлөгөн киши; *ичтекени көңүлүгө аваганы менен гәпкә кыраак ол.*

КЫРААКТА *ал.* сөзгө чалып тийишүү; *ол неге кыраактанып отурат?*

КЫРААМ *ал.* тамаша, оюн көтөрө албаган, чыр чыгара берген адам; *жаман кыраам экенсиң, саңа сөз айтып болвойт.*

КЫРААМДЫК *жжол.* арамдык; *ол ич качан кыраамдык, оройлук кылвайт.*

КЫРААН *ал.* өзүнө сак; *улар кыраан келген канаттуудан болот.*

КЫРАГАНЧ *алб.* кыраанак; *о, какуй, айгырларды кайт-кайт девесең, кыраганч болсо кайсап салат.*

КЫРАЗ *батк.* кырча; *алыстагы кыразда эки майа жүрөт.*

КЫРАЛАН *ош.* иренжүү, айнуу; *көңүлү кайра кыраланды.*

КЫРАМАЙ *зам.* кырып чабылгыдай, оттогудай, оргудай, тегиздегидей кыска нерсе; *оту кырамай болуп чыгат.*

КЫРАНЧТА *түшт.* кырдоо; *чүкө сүүүну ичирүүдө кыранчтап кетет.*

КЫРАҢ: кыш кыраңы *тоң.* кыш азап – тозогу; *тойуттан өксү болбогон койлор кыш кыраңына бел алдырбай чыгашасыз көктөмгө жетти.*

КЫРБАШ *атб.* бүркүттүн бир түрү.

КЫРГООК *алк.* боз үйдүн түндүгүнөн төмөн түшүрүлүп коюучу кооздук; *үйдүн ичи кооз болсун деп кыргоогун түшүрүп койду.*

КЫРГЫ *ал.* кырып – жоюп ийме; *эртеси ол кыргы боло кагысы келет*; **пит кыргы** *пам.* уулуу өсүмдүктүн аты; *пит кыргыны илгери дәри кылып колдонгон.*

КЫРГЫЛ *түнд. эск.* орто жашап, чачы көк буурул тартып калган адам; *Зайыр кыргыл чал болойун деп калыптыр.*

КЫРГЫЛАН *ал.* кырылып түгөнө тургансуу; *зекисе эле кыргыланып кагыдай.*

КЫРДӘР *жерг.* макулдук; *кырдәргә жетет пенделер.*

КЫРК: тиш кырк *чатк.* аюунун азуу тиштерине он жылда бир түшкөн тегерек тагы.

КЫРКААР *атб.* жылдыздын аты; *кыркаар деген жылдызды көрсөтөйүн ал кээде «эшек кыркаар» деп аталат.*

КЫРКАЛЕКЕЙ *түп.* кырка тизилген; *кыркалекей тигилген алмалардын ичинде жүрөт.*

КЫРКБУЎУН *пам.* чикит ойнунда «балакайын» ичке билекке коюп, анан силкип жиберип чабуу фазасы; *кыркбуўундан өттүңбү?*

КЫРКШЫЙРАК *алк.* кырк жиптен терилип согулган таар; *бүтүн кыркшыйрак сокмок элек.*

КЫРМЫЗЫ: кырмызы күрүч *өзг.* шалынын даны субагай, тоголок майда келген, өңү ак, көйнөгүнүн түгү кызгылт келген түрү; *о шалыны*

кызыл, болбосо кырмызы күрүч деп койот (бул күрүчтү анын арпа күрүч дөө – зире, буудай күрүч деген түрлөрүнөн ажыратуу үчүн ушундай айтышат).

КЫРРА *зам.* ар нерсенин кыры, кыр чети, жээги; *устолдун кыррасыны кара.*

КЫРС *лейл. терг.* аюу; *кырстай ownап жаткан экен.*

КЫРТЫШТА *түнд.* жактырбай коюу, сүйүңкүрөбөй калуу; *бирөөнүн тилине киргенби, кыртыштап калыптыр.*

КЫРЧА *тоң.* чий соккондо үч чийди бир бириктирип согулгандагысы; *үчөө бирге кырча болуп чырмалат.*

КЫРЧЫ *чүй.* кызылчага кумшекер кошуп ачытып жасалган ичимдик; *качан той болсо, кырчы да жасап живерет* (мындай ичимдик жасоо сейрек учураган. Азыр ага жол берилбейт. Кээде ал «кырчыма, кырчыман, киричме» деп да аталат.

КЫРШАПТА *ноок.* бир нерсенин кыры менен басуу, жүрүү, чыгуу; *жарды кыршаптап,таштуw бет менен тике чыкты.*

КЫРШЫК *ноок.* туталанган ачуу; *онун мынтиши кыршыгыга тийди, өзүн араң токтотту.*

КЫРЫК I *ал.* жүндүк такырлыгы, кыскалыгы; *онун жүнү кырык экен.*

КЫРЫК II *жерг.* оорулуу кой; *койдун арыгыны кырык дейт.*

КЫРЫК III *батк.* урушчаак (көбүнчө балага карата); *ол кырыгың шунте береви?*

КЫРЫҢДА *чүй.* бузулуу, нааразы болуу; *бир кесте кырыңдашып жүрүшуп, эми оңолушту.*

КЫРЫШКАК *ал.* кырышчаак чабышчаак; *сен имне ле ону кырышкак деп жатасың?*

КЫРЫШКАКТАН *ал.* кырышып чабышкандай болуу; *кырышкактанып жүрсөлөр өздөрүтө бовойт.*

КЫС *батк.* тап; *шу улакты жалыга салаар – салвасыңызда илгери карап бир кыс кылат эле йу.*

КЫСАГАНЧ *алб.* кысаанак; *кысаганч болво, көңүдү кайт кылва.*

КЫСКАТАМАК *алб.* кыл тамак; *тамакты аздан жеп кыскатамак болуппу?*

КЫСМАЛА *жерг.* көздү кайра – кайра кысуу; *көзүнү кысмалап турат.*

КЫСМЫ: кысмы – кысмы *пам.* ар түрдүү, ар бөлөк, ар башка; *кысмы – кысмы чөп, кысмы – кысмы гүл болот.*

КЫСЫЛГУЙРУК *чүй.* ичке кызыл талчалары бар өсүмдүктүн аты; *кысылгуйрук өсчү эле.*

КЫСЫЛТМАКТА *лейл.* сыйыртмактоо; *ахы ол хаваз бовосо, кысылтмактап ирвес.*

КЫСЫРОW *батк.* ыйык, азиз; *кысырow таштан от көрүптүр.*

КЫТКЫЛА *батк.* кытыгыла; *бирини бири кыткылап ойноду.*

КЫТЛАВА *суз.* дубалдын түбүнө коюлган жыгач (кээде ал «чәрчөп» деп аталаь); *кытлава деп бир адам гәп урган эле.*

КЫТЫКЕЙ *түп.* кытып алгандык; *кытыкейиңди кармата көрбө, кокуй, уйат болот.*

КЫТЫЛДАК *ыск.* кытмырлык менен ичине арамдык сактап күлгөндүк; *кытмыр үчүн кытылдак.*

КЫЧЫЙ *пам.* кирдөө; *төw тал чайнагандай* (бир сөздү укпай түрүп, башка бир сөздү түшүнүксүз сүйлөп коюу) *гәп урасың, өзүң кычкыйып.*

КЫЧКЫЙМА *батк.* өтө майда; *пийәз менен гөштү кычкыйма тувра.*

КЫЧКЫЛДА *жерг.* кир – гок кылуу, булгоо, ыпластоо; *кәмзүрүңдү чечип койчу, кычкылдап калыптыр.*

КЫЧКЫРГЫЧ *батк.* кыйкыргыч; *гам эгинче йәм эгин деп кычкыргычың унавады.*

КЫЧКЫРАҢААЧ *батк.* кыйкырчаак; *эй, кычкыраңаач*

эркелерге энең бовосс эмшийгениң кимге пәйдә?

КЫЧКЫРЫК *батк.* кыйкырык; *ач кычкырык савагъын, айвандын тилини авагы.*

КЫЧКЫРЫКТУW *батк.* кыйкырыктуу; *көзүдө майы бар неме кычкырыктуw болор.*

КЫЧЫМА *чатк.* кычып кеткен айран, максым; *кыл мергенге кычыма берсек уйат эмеспи.*

КЫЧЫРООН *ыск.* кышкы сууктун аябай күчөгөн учуру; *кычыроон кыш эле, суук күчөп турган.*

КЫЧЫРТ *жерг.* чакыртуу; *бowру пүтүн, башы эсенди кычырт.*

КЫЧЫРТМАК *ал.* сыйыртмак; *кычыртмак салып мойнуну кыймак беде?*

КЫЧЫРЫК *жерг.* чакырык; *көрдүм деген көп гәп, көрвөдүм деген бир гәп, дегениңизди койуп, ого кычырык жүтөргүлө.*

КЫЧЫРЫКЧЫ *жерг.* чакырыкчы; *ат көкүлүнү кессеңер дә бар кычырыкчы босун.*

КЫШАП *суз.* бышык, чыйрак; *кышап экенсиң, пайтешени саздачы.*

– Л –

ЛАЖЫМ *акт.* мүмкүн; *чатак ырваса, ыса көрүүсү лажым.*

ЛАЙКАСУW *жерг.* үйөр; *айагыдан шамал өтсө болду* (аман – эсен болсо болду), *лайкасуwдан өтө бер.*

ЛАЙКАЛА *лейл.* ылайлоо; *лайкалап барып маша терип алды.*

ЛАЙКАЛУW *лейл.* ылайлуу; *жазгы мээнет–күзгү рахат деп лайкалуw жерди оwдарып жәтәт.*

ЛАЙЛЫ *тоң.* тантуу; *и, анан эмне сен ылайланып лайлып жатасың?!*

ЛАК *ал.* дүк; *кемпирдин жанына лак отура калып, өтүгүнө асылды.*

ЛАКАЛУКА *өзг.* дарданпоз, көөдөнсүз, көөдөнү жок; *лакалука болуп эле жүрө берет.*

ЛАКАМЧЫЛ *лейл.* кишиге ар кандай ат коюп, лакапты көп кошуп сүйлөгөн адам; *лакамчыл келди, майды сызгырып оwкат жасай сал.*

ЛАКСА *тал.* жулса агарып сүт чыккан, бийиктиги анча өскүлөң эмес, төөнү бат оңолто турган өсүмдүктүн аты; *лакса жеген төw бат оңолот.*

ЛАКТЕК *базк.* бир кийимдик кездеме; *шондойдо лактек да керек.*

ЛАКЧЫ *жерг.* бөзчү; *бир лакчыга кәптәр мойун оромол берген экен.*

ЛАЛ *зам.* дал; *айуwдан коркконумдан лал болуп туруп калдым.*

ЛАЛАЖЫГАЧ *жерг.* сары жыттуу гүл ачып, тоодо өсө турган өсүмдүктүн аты; *айылга әйтсәң ашат, коровто әйтсәң кошот, лалажыгачтан берип жүтөр.*

ЛАПАЗ: лапаз кылуw *пам.* өтүнүү; *онон лапаз кылып калдык*; **лапазыны кайтаруw** *пам.* жооп берүү; *лапазыны кайтарып, махул дедик, берип жүтөрдүлөр; көңүлүгө ыракым, лапазыга топук* ыраазылыкты туюндурган туюнтма.

ЛАПАЗДУW *жерг.* ар кыл кызык кептери, туюнтмалары, сөздөрү көп киши; *шүдүгөргө барсак, ол жерде лапаздуw адам бар.*

ЛАПАЗКӘШ *жерг.* сөзмөр; *йахап койуп жаткан адам–жидә лапазкәш.*

ЛАПАКТА *ноок.* лапылдоо; *кар лапактап жаап атат.*

ЛАПАҢДА *батк.* балпалактоо; *кар лапаңдап жаап кирди.*

ЛАПШЫЙ *ыск.* килейүү; *лапшыйган тамандары менен айар басат.*

ЛАХТЕК *жерг.* 1. кездеменин эң майда кесиндиси; *анову лахтектерди ал чыгып тәштә;* 2. кийимдин кол алгыс болуп эскиргени; *бул чапан да лахтек болуп калыптыр.*

ЛӘЙЛӘҢ *батк.* алдагандык; *көп ләйләң кыва.*

ЛӘЙЛИ I *пам.* мас; *бепаам неме ләйли го;* **өтпөсө турмуш дәйлигә, өтүп кетем ләйлигә** *пам.* 1. өзүн – өзү жубанткандык; *өтпөсө турмуш ләйлигә, өтүп кетем ләйлигә, кайсынын дәртини тартып ойлонойун*; 2. тажагандык; *өтпөсө турмуш мәйлигә, өтүп кетем ләйлигә деп жүрүп, овкаты начарлап кетти.*

ЛӘЙЛИ II *сүл.* суу каптоо; *суw чарвакка ләйлип кетиптир.*

ЛӘЙРӘҢ *батк.* калп – чынды аралаштыра сүйлөгөн киши; *ләйрәң–ләйрәң, ол маңа әйрән.*

ЛӘЙТӘ *ал.* 1. какшык, кычыткы сөз, күлдүрмө кеп; *ләйтә әйтип отура берве кечке*; 2. «ләйтә» айтканга устат адам; *ләйтә–ләйтә десе, тантый берве.*

ЛӘК *зам.* чикиттин балакайы элээр кезде түшүп кетсе айтылуучу сөз; *бир ләги, эки ләги бар деп келишип алат.*

ЛӘҢГӘР *ноок.* эч нерсе эгилбей чөп басып кеткен талаа; **лаңгәринизди издеңиз** ◊ *ноок.* арзан сатылуучу жерди издеңиз; **арзанын Лаңгәргә барып аласыз** *ноок.* соода кылганда ала турган нерсени кымбатсынганда айтыла турган идиома (бул идиома илгери бир учурда соода, базар болгон. Лаңгар деген жердин атына байланыштуу келип чыккан. Бул сөз топоним катары Ош – Хорог жолундагы Чырчыкка жакын жердеги бир аз үйлүү кичинекей айылдын аты катары жолугат. Сөздүн маанисине караганда ушул айыл турган жер бир заманда Ош – Кашкар аралыгындагы соода базары бар, соода түйүндүү жер болгон өңдүү. Топонимикалык ат катары ал Өзбекстанда, Тажикстанда жолугат).

ЛӘПКӘР *суз.* кылычтын сабы; *кылычынын ләпкәри кандай эде?*

ЛӘППӘЙ *зам.* алапай; *шәшкәндә ләппәй тавылвайт.*

ЛӘППӘЙЧИ *жжол.* «ләппәй» деген сөздү көп эле кайталай берген адам; *так шондой ләппәйчи болво.*

ЛӘТӘКОЛ *батк.* күчсүз, алсыз; *ләтәкол болсоң, сени топ кайырып кетер.*

ЛӘТӘКОР *батк.* бою бир метрдей келип, жалбырагы тикендүү болгон өсүмдүктүн аты; *ылаймач кылсам, ләтәкор эле көп экен.*

ЛӘФӘЗ *жерг.* тиҷлек; *бизден ләфәз шул болсун, барган жериң гүл болсун.*

ЛӘШКӘР *зам.* куйту; *сенде кыйла ләшкәр бар го, өткөн өмүр – күйгөн көмүр дегениңе караганда.*

ЛӘШКӘРТ *батк.* жандагыч, жан жөкөр; *ләшкәрттәриңди ээрчитип кайдан?*

ЛЕМБИР *жерг.* всылка; *лембирге барса койводу, мениси жемге тойводу.*

ЛЕПШИ *ноок.* чоң аянты ээлеген түздүк; *эртең малды тээтиги лепшиге жаймак болдук;* **курук лепши** 1. ичинде эчтемеси жок, эчтеме салынбай эле турган тепши; *курук депши экен, нары алып койуң;* 2. орто жери чуңкурча жайык келип, калган тарабы кырбууланып кеткен, бирок чөп жакшы өспөгөн жер; **лепши тоо** орто жери чуңкурча келген тоо жер.

ЛОГОВЧО *ноок.* түбү бир аз кууш, оозу жайпагыраак келген, орточо чуңкурураак жасалган жыгач табак; *балам, логовчону жуwуп бериң.*

ЛОКУК *пам.* локуйган чоң; *тиги кеген чоң топ шол локукту тозуп турат.*

ЛОТОК *зам.* күпчөк; *арык ләшәйгәнини билвей лотокко күлүптүр* жылан ийрисин билбей баканы майрык дептир деген мааниге жакын түшүнүктө айтылчу туюнтма.

ЛӨКҮДӨН *ноок.* затвор; *мылтыкты нары–бери әйләндирә карап, лөкүдәнин шарактатып кайра тартты.*

ЛӨНДӘ *зам.* төр этер жери; *гәптин лөндәсини әйтип койо кал.*

ЛӨНЧ *зам.* селдейгендик, сестейгендик; *лөнч болуп катып калды.*

ЛҮК *батк.* былк этпегендик; *башым оwруп лүк жаттым.*

ЛҮКҮЙ *батк.* селейүү; *гәвир лүкүйүп тура бервей.*

ЛҮМ *батк.* арбын, көп; *быйыл кәртишкәни лүм кылдым дә.*

ЛЫК *батк.* былк этпегендик; дем тартпай жаткандык; *лык жатып шону менен саар турупмун.*

ЛЫКЫЙ *кочк.* үстөккө – бөстөк темине бергендик; *улам лыкый теминип шайдоот жөнөдү.*

ЛЫҢ: лың пийәлә *ал.* чынынын эң кичинекейи; *лың пийәләгә бараныйа салыптыр.*

– М –

МААЛЕЛЕ *тторо.* баш калкалоо; *бүркүт алып жесин девей маалелесин.*

МААЛКЫ *акт.* маалкатуу; *алар маалкып, али тура элек.*

МААНАЙ *акт.* анча чыгаан эмес жөнөкөй, ортозаар; *өнөрпостордун көөмөйлөрү да, маанайлары да жолугаар самат айттырбай сырларын тавышат.*

МААР *чүй.* береке, жыргал; *калыңдан эч ким маар таппайт.*

МААРКАН *өзг.* 1. бой көтөрө жай кыймылдап, пейил күтүнүү; *маарканып килем басып келатыптыр;* 2. *батк.* кубануу, мактануу; *маарканып сүйлөгөнүнү көрсөң, жылан пос тәштәйт* (киши түңүлөт).

МААРЫ *ташк.* жибип жумшоо, көлбүү; *кымызды улам таткан сайын көмөкөй маарыды.*

МААСЫЛ *зам.* жараксыз; жөндөмсүз, иштемсиз; *ол уруш вактысыда маасыл боп каган.*

МАГАЛ *ал.* маал; *чукуп жатып бир магалда чоң кумура тавып алат.*

МАГЫРУП *пам.* таң калтыргандык; *элдин бәәрини магыруп кылып тәшәди.*

МАДАДАЙ: мададай жобурайт ◊ *батк. тили тилине тийбей жобурайт.*

МАДАК *атб., сейр., эск.* тоодак; *Таргыл ала мадак бекен, коргошундай көйнөк бекен?*

МАДАТ *жерг., батк.* 1. кубат, күч; *төwгө мадат берси;* 2. сырдык сөз (кандайдыр бир оор нерсени көтөргөндө айтылат); *йо пирим мадат!*

МАЖАРЛАН *тал.* өжөрлөнө демденүү, тездөө; ыкчамдоо; *мажарлана катуw басып кырга чыкты.*

МАЗАҢ *жерг.* ойсоке, туруксуз; *өлүгүңдү көрө койойун мазаң десе болов.*

МАЗЫ *акт.* убара; *ат ээсине карматпай мазы берген экен дейт.*

МАЙДА *жерг.* кулакка кичинекей оюк жана тилик жасалган кичинекей эң; *майданы көрсөтүң.*

МАЙДАН *тторо.* жаландаган курч; *ак болотуң майдандыр, атыңды уккан кайран дээр.*

МАЙЕЗ *ыск.* сулк этип жайылып жаткандык; *майез талаа мелмилдеп жатат.*

МАЙЕК *карс.* өткөн окуя же учурдагы көрүнүш жөнүндөгү баян, аңгеме сөз; *эка–үч майек айтып берейин.*

МАЙЕСТЕТ *тал.* жүдөтүп чүнчүтүү; *аларды майестетип койвогула.*

МАЙКАЙ *зам.* ийилүү; *үч адам чыкканда ол көпүрүк майкайып кетти.*

МАЙКАМ *жетг.* абдан семиргендик; *кара куртту терип жеген кой майкам болуп баса албай да калат.*

МАЙКАНДАШ *алб.* чабыш, салгылаш; *силердин араңардагы майкандашта болду беле?*

МАЙКӘВӘП *ал.* койдун карын майына сулп эттен кесип салып, касканга коюп, бууга бышырган кебеп; *майкәвәпкә калемпир–мурч дә севет.*

МАЙМА *ыск.* чайна; *мамыры жесең маймап бер.*

МАЙМЫК *ал.* ийри – буйру чор; *салааларым улактан маймык болгон.*

МАЙНА: майна–майна *чүй.* уйду жоошутуу үчүн айтылган; *майна–майна жөн тур?*

МАЙНАПТАШ *жетг.* сыртынан

чогуу, бирге; *кагыштырганга жетпей калдык, жетпегендер менен майнапташ бололук.*

МАЙПЫР *пам.* баса албаган; *муз үстүдө майпыр экен.*

МАЙСАЛ *кем.* мойсоп жок кылуу; *бөдөнөлөр майсалып, анын артынан эки айак айран ичилди.*

МАЙТАҢДА *ыск.* буту – колу жоон келип, өзү жайылган денелүү болуп, анан чайпалып, майпандап басуу; *бедени аралап майтаңдап жөнөдү.*

МАЙТАШ *ыск.* апапакай жылтырак тунук таш; *майташ таап алдым* (көбүнчө сайлардан табылат).

МАЙТОКОЛ *түнд., эск.* токолдун эң кенжеси; *күн сайын зарлап жүрчү эле майтокол деп атыгып* (азыр бул көрүнүш жоюлган).

МАЙТОКОЧ *суз.* какыс – кукус, келтек; *кишилер келгенде эле кутуруп кетесиң, эми төвөңө майтокоч берейинби?*

МАЙТУЛУП *жжол.* илгери көчмөнчүлүк кезде уй – жылкынын терисинен ар түрдүү кылып, көбүнчө бийиктиги 0,90см эни 1.30см өлчөмүндө төрт бурч өңдөнтүп жасалган, ооз жагынан эки кулак чыгарылып, ич жагы жылмаланып ашталган тери идиштин аты; *жайлоого чыкканда сары майды сакташ үчүн майтулупту колдонушкан.*

МАЙТЫҢ: майтың – майтың *ыск.* басканда буттун сыртты карай тыйтандашы; *алдындагы атын кара, майтың – майтың этет.*

МАК *тал.* чикит оюндун, көкбөрү тартуунун токтоочу борбор жери; *уткан бала макка барды да, чүжүктү сымырата чапты.*

МАКАМ *чүй.* өзгөчө бир кызык көрүнүш; *анын өзүнчө макамына кызыгышат.*

МАККАР *батк.* көөнү ийри, арам; *сен адам болом десең, маккар болво.*

МАКЫР: макыр – шакыр *батк.* көр – жер; таштанды; *макыр – шакырды тээштең, жийип койвой.*

МАЛААК *ал.* маланаак; *онун малаак экенини эсиңизден чыгарваңыз.*

МАЛАГАНЧ *алб.* малааанак; *малаганч эмес белең, чоңго колуңду биринчи салчы.*

МАЛАГАЧ *ал.* малып ийме; *кичигиден бери малагач.*

МАЛАК: ичини малак жалаптыр *ал.* карды аябай ачыптыр.

МАЛАЛА *ыск.* маанектөө, жайлоо; *казак элинин малчылары да жайкысын бул өрөөндү малалап олтурушат.*

МАЛАМАТАҢ *ыск.* опур – топур, уу – дуу, будуң чаң; *маламатаң болуп атканда кайдан кол тийсин.*

МАЛАТЕКЕ *жжол.* оюндун аты; *малатекени үч – төрт гана киши ойнойт* (бул оюн коргол менен ойнолгон. Ар ким он чакты корголду тазалап алып, чогуу коюп, бири – бирин кыймылдатпай уяга түшүргөн. Ким бат түшүрүп бүтсө ошол жеңген).

МАЛЖЫҢ *ал.* кылжаке, кылжың; *шуңкарыдан айрылды ал малжың.*

МАЛЕК *чүй.* бышпай кеч калган коон; *малегин үсүп ташта.*

МАЛМЫШЫК *батк.* жапайы мышыктын бир түрү; *малмышык кәттә, талаада болот.*

МАЛПӘӘМ *ноок.* эси жок, түшүнүгү тайкы, баамсыз; *ол әкәнин баласы малпээм болуп калвас бекен?*

МАМАК *чүй.* жапайы айбандын эмчеги; *чөндөлөйлөр суурдун мамагын тумшугу менен нукуп жатты.*

МАМАКАЙМАК *жерг.* каакым; *мамакаймак – ата токмок* (балдар мамакаймакты үзүп алып, башын айрып – айрып, ийилтип түймөктөп, ортоңку көңдөйүнө майда – майда тоголок нерсе коюп, өйдө асмандатып үйлөп ойношот).

МАМАКАКА *пам.* каакым; *мамакаканын гүлү сарыдыр.*

МАМАТАЛАК *ноок.* аябай апчып, мыткып, көк ала кылгандык; *тывыраганда сандарын маматалак кылып мыжыгыптыр.*

МАМАЧУЧУК *жерг.* майда көк гүл ача турган өсүмдүктүн аты; *бизде: сары гүл, мамачучук, мамакаймак, кызгалдак өсөт.*

МАМАЧҮЧҮ *базк.* эки жакка тең бирдей; *мен мамачүчүмүн, бирдей эле бара беремин.*

МАМПАЙ *ыск., чүй.* ынак; *кароолчу мампайына эшикти ачып берди.*

МАМЫР *пам., эск.* эскиче төрө деген маанидеги сөз; *о, мамыр, мамыр, бери кел.*

МАНАЙ *пам.* бажыраюу; *байагы кызгылт тарткан бети манайат;* **манай–чанай** *ноок.* эдирейүү, чандаюу; *манайып–чанайып эсеп–чот кагып отурат.*

МАНАЛЫ *зам.* маанилүү; *кылды кырк жарган* (бир нерсени аябай чукулап изилдеген) *ол маналы нерселерди сүйлөдү.*

МАНАСТАТ *тоң, сейр.* отту улуулатып жалбырттатуу; *от манастатып, мынча эмне жактың?*

МАНДАЛАК *пам.* «жөргөлөмүш»деп аталган өсүмдүктүн түбү; *мандалак деп силерде гүлдүн түрүнү әйтәт экендер, бизде ондой эмес.*

МАНДАР *ал.* майда жалбырак алып, узун чырмалышып өскөн өсүмдүктүн аты; *мандардан кыл жүүгүч кылышаттар, ол токойдо өсөт.*

МАНДЫМ *акт.* жылкыда болуучу оорунун бир түрү; *меке, мандым–жылкыда, күл–койдо болот.*

МАНДЫРА: ак мандыра *акт.* бутагы тарбагай келген өсүмдүктүн аты; *ичке манжасы ак мандыра сөңгөгүндөй.*

МАНДЫТ *зам.* көңүлдөгүдөй жыргата иштөө, бир ишти ойдогудай аткаруу, кыйрата бүткөрүү; *әйткәнди сирә мандытпадың дә.*

МАНЖАЛА *жерг.* бир нерсени сугарганда сууну тегиз жаюу; *әгәттәргә сүүдү манжалап кой.*

МАНЙАК *карс.* шабдаалынын жергиликтүү бир түрү; *манйактан эллик түп бар* (кээде муну «казы шаптоолу» деп да айтышат, анткени бышканда сапсары болуп, кабыгын сыйырганда жылкынын казысындай эрип турат).

МАНТ *өзг.* таккандык, кадагандык; *бир атка жыйырма төрт жылдыз мант кылдым* (таб. атка така каккандык).

МАНТЫКАНА *өзг.* гүлү кызыл, бою жапыз кына өсүмдүгүнүн бир түрү; *той өткөндөн кийин мантыканаңды мурдуңа кой* (кылычыңды ташка чап).

МАНЧАК *ыск.* бою жапалдаш келип, туурасынан өсүп, курсагы алдына чыгып көрүнгөн бала; *эки манчагым бар, теле кыйынбыз дейт.*

МАҢБАС *лейл.* бүтпөс, аяктабас, түгөнбөс; *малга мәкә пәйә жулуп бергениң менен маңбас.*

МАҢГЕЛ *ноок.* туягы кетилип, карып калган мал; *кой карыса маңгел болот.*

МАҢГЫ *акт.* дел болуу, селейүү; *ийнимди куушуруп, ордумда маңгып туруп калдым.*

МАҢГЫТ I *ноок.* жүйөө; *сөздүн маңгытын түшүнбөй калдывы Султан?*

МАҢГЫТ II *ташк.* чыпкай жутуу, удаалай ичүү; *чыныдагы кымызды улам маңгытып каарт кекирип койду.*

МАҢДА *лейл.* аяктоо, бүткөрүү; *тегирмендин чакылдагыдай такылдавай маңда.*

МАҢДАН *алк.* бел байлоо, чымырканып сурап көрүү; *ички уйгу–туйгусун тартууга маңданды.*

МАҢДЫРА *чүй.* жыргап көшүлүү; *бир саам маңдырай түшөт да, анан эске келет.*

МАҢКА ТОРПОК *өзг.* үчүм ойнунда ашыктарды өкчөгөндө экөө таа, бирөө алчы болуп калса, озунуп айтыла турган сөз (бул сөздү ким мурун айтса, оюн ошол баланыкы болот).

МАҢЧЫ *түп., эск.* илгери апийимди көп тарткан адам; *балдар аны маңчынын баласы дешчү экен* (азыр бул көрүнүш жана атоо эскирип жоюлган).

МАРАГЫЧ *лейл.* тиктегич; *тывыт оромол көрө лек бедең, ончо неге марагыч болдуң?*

МАРАЛ I *ал.* оорчулук; *ашыңа марал гелтирдимби, ишиңе марал гелтирдимби, үкә?*

МАРАЛ II *базк.* туш; *тоодон ылдый эңиштөө марал келди.*

МАРАЛ III *чүй, өтм.* таза кандуу уйдун жаңы тукуму; *биздин сапкоздун уйун марал уй дейвиз, жем–чөптү көп жейт, каны таза.*

МАРАЛАШ *тал.* сөз талашып чырдашуу; *тигиногу менен маралашып калган экен.*

МАРАТ *лейл.* тиктетүү; *гүлүгүлүну бир маратып көрүң.*

МАРАШ *ноок.* тикирейип бет келишүү, тиктеше калуу; *бир ирмем бетме–бет мараша түшүштү.*

МАРДЫК *ал.* маруу; *малчылардай мардыйып, тооруп турам ардыгып.*

МАСАПА *зам.* аралык; *Ташкенттен Фрунзеге чейинки масапа беш жүз сексен киләметир.*

МАСЛАШ *зам.* көнүгүү, үйрөнүү; *тыйын чычкан биздин жерге йәм маслашып калды.*

МАТАЙ *ыск.* бою киимине тартып, отурганда денеси бир аз бошураак болуп, астыга жүткүнүп, томпоюп көрүнүү; *матайып отурганын кара.*

МАТАК *чатк.* 1. илгери Кавказ тараптан соодаланып келген кызыл түстүү товар, кездеме; 2. *өтм., эск.* кызыл эт; *татырман матак.*

МАХМУР *ноок.* болгон ички дүйнө, жаал; *тагасынын бүгүнкү махмуруна көзү жетти.*

МАХОWЛО *лейл.* булгоо, кирдөө; *шалча оромолду махowлоп койупсуң.*

МАХОWЛУК *лейл.* кир болгондук, булгангандык; *түтүн пулудан махowлугу чыккан.*

МАЧА *лейл.* эшектин ургаачысы; *әвәли әйткән жәмән, әйткәндән кайткан жәмән, мачаңды сатпасаң койо кал.*

МАШКОРДО *түшт.* машты аябай жууп тазалоо, адегенде жылуу сууга чылап, анан нак сүткө же сууга бир – эки саат кайнатып, ал жарылгыча үстүнө улам суу (сүт) куюп дембелеп, кээде күрүч кошуп, татырлык туз салып бышырган тамак; *машкордого жаңы каймак да кошот.*

МАШҮРӨӨ *акт., эск.* товардын бир түрүнүн аты; *кары бойу киш калпак, машүрөөдөн көйнөк берген экен.*

МАШЫК *зам.* көнүгүү иши, машыгуу жумушу; үйрөнүп кайталоо адаты; *мылтык атышты машык кылдык.*

МӘӘЗИР: хайыр мәәзир *лейл., жерг.* коштошкондо айтылуучу сөз; *болуптур хайыр мәәзир бовосо* болуптур, жакшы барыңыз, жолуңуз болсун; **мәәзир кыл** *жерг.* тоот, көңүлгө ал.

МӘӘР *ал.* бычым, бүтүм; *он сегиз –булан, жигирмә беш – кутурган бөрү, кырк – алгыр бүркүт, элүw – эгерлеген ат, алтымыш – акта,*

жетимиш – нокто, шону тапсын деп мәәр әйттиргән экен.

МӘӘРӘ *суз.* майда урукча алып, анысын чүчпарага кошо тургән даамы кычкылдуу келген өсүмдүктүн аты; *мәәрә жайдын айагында түшүм берет.*

МӘВРИТ *карс.* эскиче айдын аты; *чилде, токсон, он он тогуз тогоол, акырыда мәврит ай.*

МӘДИВИЙ зам. тил азар, көк, кежир; *ой мәдивий, уксаң боло, хәзирттән пайдувалыны уруп барсаң, кийин дувалы көтөрүлөт* (ар ишти түбүнөн тундуруп бар деген мааниде айтылчу туюнтма).

МӘЖМҮЙӘ *батк.* кежир, терсаяк: *мәжмүйә адам экенсиң деди.*

МӘЗ: мәз бервейт *пам.* шек билдирбейт; *бир бәләәни билемби деп, кыйын товрудум, тәкти эле мәз бервейт бәдирек.*

МӘЗӘ: мәзә аш *түшт.* даамдуу тамак; **мәзә гүл** эң сонун, кооз гүл; **мәзә дәәм** *жерг.* кынык алгандык, көнүп кеткендик, үйүр болгондук; *мунча мәзә дәәм болупсуң?*; **мәзә жер** кара топуракту семиз жер; **мәзә ой** кызык оюн; **мәзәм качты** чарчадым, арыдым; **мәзәси качты** кызыксыз боло баштады; **мәзә кылат** *ал.* жыргайт, жыргалга батат; **мәзәси жок бала** тетик эмес, ишкер эмес бала; **мәзәсиз овкат жайсыз** тынчсыз тиричилик.

МӘЗИР *ал.* эп, оң, дал, туура; *жакутту бергенде мәзир келип куванат.*

МӘЙ: мәй – мәй *батк.* букаларды бири – бири менен сүзүштүргөндө колдонулуучу сырдык сөз; *мәй – мәй деп сүзүштүрөттөр.*

МӘЙИЛ *батк.* 1. макул; *әйткән сөзү мәйил келди маңа;* 2. *зам.* эргип берилгендик; *кәнсерт жакшы жүрдү, мәйил болуп отурдум.*

МӘЙИНДӘ *жерг., батк., лейл.* жумшактоо, назиктөө; *мүрәппәни мәйиндәп жасаң.*

МӘЙИНДИК *жерг., батк., лейл.* жумшактык, назиктик; *мәйиндигидән нар баласы лөк болот деп да әйтә әвәди.*

МӘКӘЙИР *ал.* кышын – жайын көпкөк болуп турган, жапыз өскөн өсүмдүктүн аты; *бизде мәкәйир малга өтө жагат дешеттер.*

МӘКӘТИЛ *пам.* тырсылдак, кежир; *кыйын мәкәтил неме экенсиң, бәчә, кичине гәп уксаң.*

МӘКИЛ *өзг., эск.* жин, азгырма; *онуңардын мәкилдәри күчтүү экен деп качыптыр.*

МӘКИЛДЕТ *ноок.* шаштыруу; *адамды мәкилдетесиң го.*

МӘЛИЙЕТ *зам.* өлүү буюм, жыйган – терген дүнүйө, көптүк, бардык; *мәлийетиң барсынбай жыйып койуң нары.*

МӘЛИКӘ: мәликә жалвырак *өзг.* сүйлөөк, жебирей берме; *мәликә жалвыракчасынан гәп тыңшавачы.*

МӘЛИНДЕ *алб.* анда – санда; *мәлинде жолукпасак, жолукпай да калавыз.*

МӘЛМИЙ *пам.* саруулоо; *онун түсү мәлмийип кетиптир.*

МӘМЕТЕК *зам.* дары катары эсептелип, майга куурулуп жей турган өсүмдүктүн аты; *мәметек терип кел, кайнатып жейвиз.*

МӘНДӘ *батк., эск.* дарым кылганда колдонулган сөз; *мәнди мәнди, кечке мәнди* (азыр бул сөз эскирген).

МӘРӘ *пам.* эбиреп – жебирөө; *кызыл тилди булгай берсе, гәп чыга берет, көп жовурап мәрәвәчи.*

МӘРӘК *суз.* жука нерселерди (жыгач, фанера, тери ж.б.) чапташтырып, желимдештирип, кураштырып жасаган ээр; *ээрдин мәрәк деген түрүн өзбектер жасайт.*

МӘРВЕТ *батк.* тыттын өңү күрөң, даны чоң, мөмөсүндө уругу бар түрү; *мәрветтин мәйизи экен.*

МӘРТӘВӘ *батк.* кызыккандык, сонун көргөндүк; *үйүнү жасаганды мәртәвә көрөт.*

МӘСЛӘН *ал.* мышыктын баласы; *мышыгым тywуп мәсләндyw болдум.*

МӘСТӘТ *алб.* мәсиләт; *аштын мәстәтин кылганы кетти* («мастат» болуп да айтылат).

МӘСТИЛ *батк.* маасы; *ит сөwөк гажай электе мәстилини издептир.*

МӘХМӘЧӘЙ *жерг.* өсүмдүктүн аты; *мәхмәчәйдин тамырыдан чәй жасашкан.*

МӘЧИН *ар.* пахтанын арасына өсө турган өсүмдүктүн бир түрү; *биз жакта жоңучка, мәчин, шамек, печек, зарпечек өсөт.*

МӘШӘӘТ *батк.* көңүл ачкандык; *мәшәәт кылаттарчы олор.*

МӘШКҮЛӘТ *батк.* убара; *Алым өз иши менен мәшкүләт.*

МЕГДЕТ *ыск.* мөгдөтүү; *кемпири экөөнү мегдетпе, жер каратпа.*

МЕДЕ *ноок., батк.* пейил, көөн; *тowдун авасыны жутсаң деле медең ток.*

МЕЖИ *ыск.* эзгилөө, кармалоо; *кичинекей алмадай эмчекти межий кетти.*

МЕЗЕЛДЕТ *акт.* кобуроо, жобуроо; *төрт танавын кошо кыдырышып, маселеттерин мезелдетишти.*

МЕЙДЕ: ток мейде *жжол.* ток пейил; *кандайдыр көңүлү чаппай ток мейде өңдөнөт.*

МЕЙМАНДАРЧЫЛЫК *ал.* мейман кылып сыйлоочулук; *меймандарчылык өткөн соң мәәрини кыз өзү эйтти.*

МЕКИЛДЕ *ыск.* мекиренүү; *карды ачып кетсе, мекилдеп маарап ийет.*

МЕКСИР *ал.* жылкы жакшы жей турган өсүмдүктүн аты; *биздеги жылкылар бетеге, гөдөw, доңуз сырты, тогуз дөwө, мексир, кара кыйак, айгыр жыгар деген чөптөрдү жесе, төwүз: балтырган, аккулак, кымыздык, көвүргөн, ак тикен, бетеге жейт.*

МЕЛКИ *чүй.* жайылып агуу; *жапан токойду аралай мелкий аккан жасы дайрага барып токтоду.*

МЕЛМЕЛЖИ *кем.* мелтиреп момоюу; *мелмелжип эле созулат да тигиниң.*

МЕЛӨӨР *чүй.* мылтыктын прицели; *суур мелөөргө илинбей жатат.*

МЕЛП: мелп–мелп *акт.* бир нерсенин толо жумшак чайпалгандагысын элестеткен сөз; *колунун тавы тымызын мелп–мелп жуккансыды.*

МЕЛТЕ: көк мелте *чүй.* көк жылгаяк; *көк мелте муз ачылды.*

МЕМЕЧЕ *суз.* немедей, немече; *чоңдугуву, онову мемече, чоң мышыкча болот.*

МЕНДИРГЕ *ал.* муун – жүүн, ал – кубат; *мендиргесиден тайытып койвосун, пошотпосун.*

МЕҢДӨW *жерг.* жүдөө; *кызыга кызыл оромол ап бербесе, меңдөw тартмак беде?*

МЕРГЕНБИЖИ *пам.* кийиктин ич майы менен боорун туурап, жоон ичегиге салып бышырган тамак; *мергенбижидей жарылба.*

МЕРЕЗ *акт.* кабыша, тиреше калуу; *чөөлөрдүн тобу менен эки караан мерезе түштү.*

МЕРЧИНДЕ *чүй.* боолголо; *суусардын жолуна мерчиндеп жем койот.*

МЕТИРЕЙ *акт.* тигиле кароо, тикирейип калуу; *көздөрүн умачтай ачып ага метирейди.*

МЕШВЕК *батк.* соргок; *жегенини билвеген мешвекти тойгозуп болову.*

МЕШКӨW *чатк.* суу сепкич буюм.

МЭЭВЕРЕКИ *атб.* мына бул; *мээвереки, кой бөксөлөп барам дейт.*

МЭЭРИМПАС *ыск.* мээримдүү; *мээримпас коңур күз.*

МЭЭРЛЕН *тал.* ийигүү; *кулунтайынын чычаңын жыттап мээрленип турчу.*

МИДДИ: кудду–мидди *зам.* так эле, дал эле; *пишек кудду–мидди жолвор ко окшойт.*

МИЗ: миз бакпоw *пам.* мисирейүү; *какшып кыйын эле әйттим, бирак миз бакпай койду.*

МИЙӘНӘ *ал.* тамыры узун келип даамдуу болгон өсүмдүктүн аты; *мийәнәнин өңү көк болот да, тескейге өсөт.*

МИЙИЗ *жерг.* миз; *шул пычактын мийзини дәйим кара.*

МИЙМӘН: миймән болуп отуруw *жерг.* бекер отуруу, жумуш жасабоо, эки колун бооруна алуу.

МИНГЕК *ал.* мингичил; *бир–эки мингек бала бардыр.*

МИНЕГЕНЧ *алб.* минээнек; *минегенчтин чипәги ыргып кетти.*

МИНЕГЕЧ *ал.* мингичил; *жылқы үйрөтөр кезде минегеч бала керек.*

МИНЭЭК *ал.* мингич; *минээк балдар онун азавыны берет.*

МИНИМСЕК *жерг.* минүүгө ниеттенгендик; *азоwду минимсек болдук.*

МИҢТАМЫР *батк.* жалбырагы чоң, сүйрү, тамыры ичке келип, тоонун тескейине чыгуучу өсүмдүктүн аты; *Кишемиштин эгиз жәйләwлөрүдө миңтамыр өсөт* (илгери анын тамырын казып, жууп, кургатып, майдалап, суурга кайнатып, бир чынындай калганда жүрөк, ашказан ооруларына дары катары ичип келишкен. Азыр бул жоюлуп калган).

МИСТАХТА *жерг.* узундугу 80 – 85см туурасы 50см калыңдыгы 2 – 3см келген жез лист; *бир мистахта сатып алды.*

МИТТИ *атб.* майда жандык; *кичинекей митти, кара дөөну жыкты* (таб. уйку).

МОВОРЕГИ *атб.* мобу; *моворегн жагына агаштык бышат.*

МОДУ: моду казан *суз.* чугунке; *бизде моду казан деген бар.*

МОЖУРАЙ *чүй.* бажыраюу; *адатынча можурайып жылмайат.*

МОЖУРЛУК *жерг.* көчкөндүк; *о бир вактагы можурлук энди каган.*

МОЖУРЛА *жерг.* көчүрүү; *суw пулуну бербеген деп можурлаган эженде.*

МОЗДОЗ *ал.* тиккач; *моздоз издедим, таппадым.*

МОЙЛО *тоң.* жылтыңдоо; *ар кимисине күлүп мойлоп карайт.*

МОЙЛОК *ноок.* мойлоо, мурут; *мойлогуну алдырып, той кылып берет.*

МОЙУНЖЫГАЧ *батк.* шамыяндын жыгачы; *аталашым аттан түш, энелешим эгерге мин деген шо, мойунжыгачты ого берди.*

МОЛОР *кетм.* жүдөп – какоо, арып – азуу; *жетим кара молоруп жетилген кез чоңойуп.*

МОЛОТОРГОЙ *жерг., батк.* боз торгойдун бир түрү; *молоторгой атым бар, канатымда катым бар.*

МОМОРО *жерг.* ыйламсыроо; *әйләнәйин саңа имне болду, мунча момороп турасың?*

МОМПОЙ *ташк.* жопжоош; *заматта оозунан чөп алгыс момпой болду.*

МОҢОЛ *пам.* кепке түшүнбөс; *кандай немесиң, моңолвусуң әә?*

МОҢОЛДОТ: чала моңолдот *акт.* чала – була чаргытуу; *чыны, ал күүгө түшүнө бербей чала моңолдотчу.*

МОҢОР *чатк.* момурак; *муз моңорлору бири-бирине урунушуп шагырайт.*

МООМУНЧА *ыск., тяньш.* мына мынча; *моомунча көп.*

МОРТУКБОС *чүй, сейр.* өңү боз, өзү ичке келип, сөксөөл өскөн талаага чыгуучу өсүмдүктүн аты; *мортукбос Чүйдүн талаасынан кесигеви?*

MOSKOW *тал.* москоол; *moskow тартып барааңданат.*

МОЧИНЕК *жерг.* искек; *чарчы оромолдун жаныда мочинек жатат.*

МОЧИНЕКТЕ *жерг.* искектөө; *алапа шәйи көйнөк кийип, кашыны мочинектеп...*

МОЧИНЕКТӨW *жерг.* искектөө; *шәмийәт тевээрде мочинектөw кылат эделе.*

МӨЙҮТ *акт.* тынч койбоо, жуушатпоо; *«уй менен мусоонун» кайманасы эч кимди мөйүтпөс?*

МӨЛДҮК *кочк.* кендик, тазалык, жогорулук, мыктылык; *мөлдүк кылып чиргейсиң, кудам.*

МӨЛЧӨРЛӨ *түп.* белгилеп болжолдоо; *кечөкү жар таштын түбүн мөлчөрлө.*

МӨМДҮК *лейл., жерг.* жооштук, тартынчаактык, уяндык, момундук; *мөмдүгдөн колудагы шайтанының алдырып жүгөрдү.*

МӨНДҮРГӨН *тторо.* түбөлүк мөңгү; *ак зоонун башы мөндүргөн, ак жорго минип жол жүргөн.*

МӨҢГҮ *ал.* бээ, байталдын токтобой калган оорусу; *жээрде байтал мөңгү экен, гапчыгайдагы мөңгүгө апарып байлагыла.*

МӨҢКӨЙ *ноок.* 1. бүкүрөйүү, бүкчүйүү; *кемпир-чал мөңкөйдү, токойдо жүрүп;* 2. *акт.* тоңкочуктоо; *тигини катуулап басууга мөңкөйдү да, үсөнгүнү чирене тепти.*

МӨҢКӨШТҮК *кочк.* дөдөйлүк; *мөңкөштүгүн карасаң, тим эле укмуш.*

МӨӨЛӨП *кем.* мүмкүнчүлүк, шарт; *бир-эки күнгө баш бакпай мөөлөп берсеңиз.*

МӨӨНӨ *ыск.* бир нерседен өөнөп алуу, чырпуу; *бирөөлөрдүн эмгегинен мөөнөп тапкан акчаң эпчилдикке эч жатпайт!*

МӨӨРГӨ *тторо.* бычактын сабы да, өзү да кичине бир түрү; *мөөргө бычаты жеңине салып алып буканы көздөй басты дейт.*

МӨӨРСҮН *батк.* төштүн башындагы ак кемирчек; *мөөрсүндү кесип көрчү.*

МӨРӨ: зээр мөрө *зам.* чоң сары мончок; *акык, ак дана, зээр мөрө мәнә шу.*

МӨРӨ *акт.* байге; *эки-үч атчанга жалгыс өсү мойун бербей, мөрөнү марага алып келип таштайт.*

МӨРҮТ *пам.* шарт, чакты; *о, эңгиреғир әй, мөрүтү болсо болдугочу.*

МӨШКӨЛҮК *тал.* момундук; *орунтугун мөшкөлүк кылып берип койду.*

МУДАА *пам.* ийге, жогорку чегине жеткиргендик; *кайнаган чайды мудаа демдеди.*

МУДАЙ *ноок.* мүдөө; *оwматың келсе эр жигит мудайыңа жетесиң.*

МУДАЛУW *тал.* ичте катылган сырдуу ой; *мудалуw сырын айткысы келди көрүнөт.*

МУДУҢДА *акт.* жүдөө; *мурут-сакалынан мудуңдабаган муңбас бабасын мактады.*

МУЖУК *ал.* чолток; *башыдан үзүп-жулуп жеп жүрүп, мужук болгон чөп да.*

МУЗООТИШ *атб.* өсүмдүктүн аты; *музоотиш менен зире өсөт.*

МУЗООЧОР *ыск.* жаш музоо; *музоочор, бугучар дээр элек.*

МУЙНАТ *тторо., эск.* убакыт,

мезгилдин бир бөлүк учуру; *жети муйнат токтолбой аттаң бу пäанадан.*

МУЙНАТТА *тяньш.* так салуу, из түшүрүү; *ороочтугун муйнаттап алыптыр.*

МУЙРУК *чүй.* ыкшоо; *бири ыкчам, бири муйрук, бири көрксүз, бири коос.*

МУЙТ: муйт–муйт *жумг.* сырдык сөз; *муйт–муйт кайдан келдиң?– майлуу деген жерден келдим.*

МУЙТУ *ыск.* так тийгизбей жаза кыймыл жасоо; *төөгө тийгизе албай муйтуп калды.*

МУКАВУЛ *тоң.* 1. таң каларлык даражадагы укмуш сонун, кызык, бийик; *таланты болуп көрвөгөндөй мукавул;* 2. *жерг.* шай, дал; *мукавул кеве.*

МУКАРАЛ *пам.* сөзсүз; *мукарал, мукум бовосун.*

МУКУРА *өзг.* айла куруу; *жүрүп–жүрүп мукурап кайра келдим.*

МУНАР *жерг.* тоо таштарынын, арасынан жолугуучу кымбат баалуу кооз асыл зат; *мунар таш өтө аз тавылат гочу.*

МУНУГ *батк.* мунуң; *мунуг үчүн тäш пийäзди талашавысың?*

МУРАВА *лейл.* балдай таттуу тамак; *така–тука арава, ичидеги мурав, артыдағы казыгы, эки чанач азыгы* (таб. бешик, бала, шимек, эмчек).

МУРЗАКУWРАЙ *ал.* сыйда өскөн куурайдын бир түрү; *мурзакуwрайды жäнчип жарага йäм саган.*

МУРЧУЙ *тал.* мурчуйгандык; *эмне болгонун билбейм, мурчуй түштү.*

МУСТАКЫЛ *батк.* тил азар; *мустакыл бала болвогун.*

МУСТАРЧЫЛЫК *батк.* капачылык; *кум шäйи кийвесе, мустарчылык боло веде.*

МУСТӘӘП *батк., эск.* даарат; *мустääп алдыңбы?*

МУТА *пам.* шайы, оо, айласы кетүү, жадоо; *äйлäси таш болуп мутады, ахыры жөнөтүп тынды.*

МУТАВАЛЫ *батк., эск.* илгери Кокон хандыгынын учурунда айылдагы дин, курулуш, жол ж.б. иштерге көз салып, алык–салыктарды чогултуруп, башкарууну жүргүзгөн кишиге берилген чин, наам; *Шаймардандагы мутавалыга кезиккен имиш.*

МУТЛАК *батк.* көпчүлүк; *мутлак калк шонун сөзүнү колдоду.*

МУУНАЛ *ыск.* буула түшүү; *биз жөн эле деп муунала түштү.*

МУУНЧАК *акт., эск.* адамды кыйнаган ар кыл алык–салык; *муунчак артылган экен алты бөлөк* (азыр бул жоюлган).

МУХТАРАМ *батк.* кымбаттуу, урматтуу; *мухтарам äзиз мейман.*

МУЧ: муч–муч *ноок.* өп – чап; *уч–муч жашап кыйналвас.*

МУШ *жерг.* «жүзүнүк» ойнунда муштумду түйүп, анын үстүнө жалпак ташты коюп, анан «көздөрдү» айланып чыгуу фазасы; *жүзүнүктө эки колдон кийин муш башталат.*

МУШБАШ *лейл.* 1. кичинекей адам; *эй, мушбаш кайда бардың?*; 2. катуу чымыр киши.

МУШКУРАЙ *зам.* шакел.

МУШТАЙЫК *жумг.* машаяк; *муштайыктын сөзү бар.*

МУШТАШКААК *зам.* мушташчаак; *мушташкаакты нары итерип көр.*

МУШТУПАР *зам.* бечара, байкуш; *өзүндө жок–ааламда жок, ону билип кой, муштупар.*

МҮДҮРӨ *суз.* үргүлөө; *мүдүрөп отурганын кара.*

МҮДҮРӨҢДӨ *чүй.* бүкчүндөө; *кыркы мүдүрөңдөп мүлдө болду.*

МҮЗӨ: мүзөсү гам жевөw *пам.* камырабоо; *не кылсаң да мүзөсү гам жевей жүрө берет.*

МҮЗӨЛ *жжол.* сымал; *турмуш дегениң тынымы жок көч мүзөл.*

МҮЙҮЗ: теке мүйүз *ал.* узундугу 40 – 50см. бийиктикте өскөн, башы мүйүздөй ийилип, ийилген жерине мөмө байлап чыккан өсүмдүктүн аты; *теке мүйүздүн дәнини жесе болот* (ал кээде «саргалдак» деп да аталат); **мүйүздүw эчки** *пам.* чакмак таш ойнунда сол колдун үстүнө таштарды чогултуу фазасы; *бир мүйүздүw эчки* чакмак таш ойнунда сөөмөйдү жерге жазып, анын үстүнө таштарды катар чогултуу фазасы; *эки мүйүздүү эчки* чакмак таш ойнунда сөөмөй менен ортонду жерге түз коюп, анын үстүнө таштарды чогултуу фазасы; **мүйүздүw кулак** *пам.* уккан кебин эсине тутпаган, адам; *мүйүздүw кулак әйткәнди унутат, кийиздүw кулак кийизге суw сиңгендей гәпти жутат.*

МҮКӘМӘЛ *өзг.* күмөндүү, шектүү; *бул сөзүң мүкәмәлирәәк чыгып калды.*

МҮЛ *чүй.* мүлдө; *эл чогулуп мүл келди.*

МҮЛДӨ *акт.* чолок, кыска; *мүлдө көчөнүн бири да.*

МҮЛДӨМ *тал.* мүлдө; *бу киши мүлдөм башкача болуп чыкты.*

МҮЛЖҮWҮР *пам.* чала мүлжүгөн, кажалган сөөк; *мана бу дәлинин мүлжүwөрүнү алып кой.*

МҮЛЖҮК *пам.* токол мүйүз; тумшугу жок; *мүлжүк котоз тура веде?*

МҮНӨСӨЛӨШ *лейл.* ынтымакташ; *мүнөсөлөш немелер шамекке бирге чыгыштылар.*

МҮНӨСӨЛҮW *лейл.* ынтымактуу; *мүнөсөлүw балдар экен, шәкәрпәләктән кармата көр.*

МҮНТӨЛТТҮР *жерг.* зарыктыртуу; *мүнтөлттүрвөй эле кырды кырдаваймынбы, кыз – келинди ырдаваймынбы, аркарды атпаймынбы, кылдуw шорвосуну ичип жатпаймынбы деп әйтип жүгөрүптүр.*

МҮНЧҮҢДӨ *чүй.* арамзаланып бүжүрөө; *мүнчүңдөп эле сыр жашырат.*

МҮҢДӨШ *тал.* сыр чече мүңкүрөө; *картаң чалдар мүңдөшүп турат.*

МҮҢКҮРҮ *пам.* көз каранды; *ол мисирейген майрыкка мүңкүрү болвосмун.*

МҮРГҮ I *кочк.* мүйүздүн жаңы томпок болуп чыгып келаткандагысы; *кылтыйып, тери тешкен мүргү-мүйүзүн ээги менен түрттү.*

МҮРГҮ II *өзг.* уйку келип карашалоо; *чай ичилгенден кийин мүргүй баштады.*

МҮРДӨЛДҮҮ *чүй.* калдайган көп; *мүрдөлдүү көчтү ээрчий көчүшкөн.*

МҮРҮЛӨШ *чүй.* бирдей абалда, бирдей даражада; *балким жүрөр эмгегивиз мүрүлөш.*

МҮСӘВӘЙЧИЛИК *батк.* теңчилик; *ондо мүсәвәйчилик бар.*

МҮСӨЛДӨТ *түшт.* окшотуу, сыяктантуу; *чучук мүсөлдөтүп ийип, бек байла.*

МҮСТӘКӘМ *пам.* бекем, бышык, чыйрак; *мурәди әсил болду* (арманы калбады, тагдырына ыраазы), *түвүнү мүстәкәм кылсын?*

МҮЧӨ I *ал.* зер буюмдардын али күмүш – алтын буулары жабыла электеги си; *менде гупка, салаңдоwурдун мүчөлөрү турат, күмүш жавыла элек.*

МҮЧӨ II *чүй.* мүчүлүштөө; *уул-келиниңер мүчөвөй туравы?*

МҮЧӨГӨШ *жерг.* учадан башка мүчө жиликтер; *кыздуwта мүчөгөш тарттылар* (бул «мүчөгөш» экинчи даражада деп эсептелинет).

МҮШТӨКЧҮ *лейл.* ышкырыкчы; *мүштөкчү эмесписиң, кәл шәмийәт ойногонго олорду чакыр.*

МЫЖЫГЫР *ыск.* бою жапыз, багалжак, бакыракай адам; *анын сиңдиси мыжыгыр неме экен,*

билесиңби деп деле жанымды койвойт.

МЫЖЫКЫ *ал.* сараң, битир; *мыжыкы турвайвы, колудан эч нерсе чыкпайт.*

МЫЗДА *батк.* ичиркенүү; *не болду, мыздап атасыңбы?*

МЫЙ *түп.* мышыктын баласы; *түлкү баласы – бачик, мышык баласы мый.*

МЫЙМЫЛ *түп.* мышыктын баласы; *мыймылды мый – мый деп чакырат экен.*

МЫЙТ: мыйт – мыйт *жумг.* майда – майда тып – тып эткен кыймылды туюндурган сөз; *мыйт – мыйт басып келатат.*

МЫЙТЫМДАЙ *чүй.* кепкенедей; *мыйтымдай эле аңгемелер не деген чыгарма?*

МЫКАА *ыск., эск.* күрөшкөн учурда экинчи бир кишиге алдырып коюучу начар, бошоң жагы; *эми мыкаасын таап алдым.*

МЫКСӘНДӘЛ *өзг.* мык жасаш үчүн колдонулган башы иймекей жумуру темир; *towдун көркү – таш, адамдын көркү – баш ow, мыксәндәлди сок.*

МЫКЫРАЗ *жерг.* мурут серкич, мурут алгыч.

МЫКЫРЛЫК *батк.* кытмырлык, ичи тардык; өзүмчүлдүк; *мыкырдыгыдан шону көрдү дә.*

МЫЛГЫЙ *ал.* былпылдак; – *эмне күлүк? – эмне мылгый? – күлүк – ой, мылгый – сары май.*

МЫЛГЫЙЫК *пам.* даамсыз; *мамырыны кәдим чәй кылып ичет элек, дәәми мылгыйык болот.*

МЫЛКЫ *тоң.* батпай жайноо, чачыроо, күтүрөө; *кең өрөөндө төрт түлүк мылкып жатат.*

МЫЛМЫЙ *жерг.* жымыюу; *түсүндөн кагылайын мылмыйган!*

МЫЛМЫҢДА *жерг.* көздү ирмөө, ирмегилөө; *кашыны серпип, көзүнү мылмыңдата берет экен.*

МЫЛМЫҢДААК *жерг.* ирмээк; *көзү тынбаган мылмыңдаак ол бир.*

МЫЛТЫЙ: көк мылтый *тал.* жаш баланы жемелегенде колдонулуучу сөз; *мына бу көк мылтыйдын берген суроwун кара.*

МЫНДАН: мындан келди *батк.* демек; *аталган сөздөр көп, мындан келди, олорду жыйнаш зарылдыгы бар.*

МЫНТЫК: ача мынтык *ал.* түтөтмө; *кош путу бар, шондон улам ача мынтык дешеттер;* **топ мынтык** суу мылтык; *топ мынтыктын ичи көзөк келет.*

МЫРКЫ: пыркы – мыркы *батк.* тиги – бу, ана – мына, ии – ооба; *пыркы – мыркыңды кой, дагын жүзүмдөн көп үзүп чык.*

МЫРЫК *батк.* кунт коюп кулак салуу; *окуwда, уwлум, мырыгын укпасаң түшүнбөйсүң.*

МЫСТАКАМ *карс.* бекем; *түркүктү мыстакам орнот.*

МЫТЫР: чытыр – мытыр *тунд.* чытыр – пытыр; *чытыр – мытыр чийден котур* (таб. ала чыйырчык).

МЫЧКЫМА: мычкыма шишкәвәп *ал.* этти эт тарткычтан өткөрүп, ага майда тууралган пияз, ашкөк, сарымсак, помидордун ширесин, ун, туз, ачык суу, зире, калемпир – мурч кошуп, татымалы сиңгенден кийин отко кактап бышырган кебеп; *мычкыма кәвәпкә ачык суw севет.*

МЫЧЫК *лейл.* мычкуу; *кайтакы кылып салынган жоwлугуну мычыгып алды.*

МЫШЫР *суз.* чимкирүү; *әә, кәллә, мышыр, онон кагаз кант берем.*

МЫШЫККӨЗ *батк.* илгерки кара тоголок чайдын бир түрү; *мышыккөз чай сатылат эде* (азыр мындай чай жок).

– Н –

НААЛ I *атб., эск.* илгери малга така түрүндө басылган тамга; *наалды асыр эчким баспайт.*

НААЛ II *ноок.* кээр; *күйөмүтө наал таштап жүгөрөт.*

НАВАКТЫК *лейл.* чоркоктук; *навактык кылып шакапчаны тегиз түзөтө эвэс беки?*

НАВАР *пам.* боз үйдүн курчоосу үчүн жазы токулган кооз сызма; *наварды азыр да токуйт.*

НАВАРАЛ *зам.* өтөдөн чыга албаган киши; *бойумдай бой таптым, ойумдай ой таппадым, эй наварал?!* (адам өз көңүлүнө жакан киши болбой калса, ошондо айтыла турган туюнтма).

НАГЫЛ *ар.* эскирген сөз; *сөз унутулса нагыл дейт.*

НАЖЫМДА *тторо.* мажбурлоо; *ээр чапкан авышканы нажымдап чаптырбай койду.*

НАЙМЫТ *зам.* үмүтсүз; *наймыт курук кетпесин.*

НАЙНЫ *суз.* тантуу; *көп найнывачы.*

НАЙРАҢ *жерг.* куудул; *Асан найраң киши экен.*

НАЙЧӨП *түшт.* өсүмдүктүн аты; *уйгак, найчөп, тегерек баш – дары чөп.*

НАЙЧЫ *зам.* чоорчу; *найчыга чөп кулакты толготуп көрүң.*

НАМАТ *батк., сейр.* кийиз; *мызгывай наматыны жасасын.*

НАМАЗКАН *ал., эск.* намазчыл; *токтоw, савырдуw киши эде, намазкан болчу.*

НАМГЫР *жерг.* житирип жок кылуу; *гәвиңди намгырвай кайрат кыл.*

НАМЫЗЧААК *түп.* намызчыл; *өкүнүч – кубаныч тең талаш, кишилер жарышта намызчаак.*

НАПТА *жжол.* шире алуу, демденүү, кубаттануу; *көркөм сөз кенчинен наптанган.*

НАПЫШ *батк.* кыздардын ойнуна кызыгып, шакек – сырга тагууга кумарланып, өзүнөн кийин кыз төрөлгөн бала; *балаң кыз напыш экен.*

НАРВАШЫЛ *ал.* жылкынын нар сымал жоон – жолпу келген түрү; *ат алсаң – нарвашыл ал, куш алсаң – сарвашыл ал.*

НАРК *батк.* жемиш багынын баш жагынан жаңыдан кызгылтым болуп өскөн учу; *өрүктөрдүн наркы быйыл жакшы өсүптүр.*

НАРКТА *батк.* кызара өсүү; *ow, түзүк нарктаптыр онуңар!*

НАСАК *базк.* уйкусурагандык, ныксырагандык, чарчагандык; *шундай эле насак боп турам, кичине дәм алайынчы.*

НАСАКТА *ал.* шылдыңдоо; *эй, тур эй, болвосо мову агайың насактайт.*

НАСЫ: насы бар ака *тторо.* кээ бирөө; *насы бир ака караны тандап минген экен.*

НӘӘЛӘКӨЙ *ал.* жемечил; *нәәләкөйүң кетишке шайланып калыптыр гочу.*

НӘДӘ *батк.* эгерде; *ол үйүдө нәдә жок босо, маңа әйтип койгун.*

НӘДӘЙИМЛИК *зам.* өжөрлүк, көктүк; *чувар неме нәдәйимлик кылавы, кывайвы?*

НӘЖӘПИЛӘ *ал.* жукалоо; *чоw – жайыны түшүндүргүчө нәжәпиләй сал.*

НӘЖӘПИЛӘТ *ал.* жукалатуу; *төрт мүйүздү нәжәпиләтип кештелейт.*

НӘЖӘПИЛИК *ал.* жукалык; *үйрүлгөн чөмчөгө теринин нәжәпилиги калай болор эде?*

НӘЖИМ *базк.* араң жан; *о нәжим үйгө кирсе, үйдүн кунту учуп кетпесин.*

НӘЗӘР *ал., зам.* шыпаа; *нәзәр кеткен адам ол.*

НӘЗИК *өзг.* бир топ оор; *жылкычы болуп жүргөндө назик ачарчылыкка учураган экен илгери;* ◊ **жәмән эшектин тавы назик** таарынчак, түшүнүгү аз.

НӘЗИР *пам.* балага жалынганда колдонулуучу сөз; *Пәмирдегфилер нәзир болойун дешсе, биз садага болойун дейвиз.*

НӘЙРИК *батк.* жажылдак; *ич кимге сөз бервеген нәйрик бово.*

НӘКӘС *ноок.* кытмыр, шылуун; *чөмүчүнү бервей койду о нәкәс;* ◊ *нәкәскә карыз бово, же жолдо кыстайт, же гөрдө кыстайт жерг.*

НӘКӘСТӘН *ноок.* кытмырлануу; *чонуга лек жатып нәкәстәнәт, әке?!*

НӘКӘСТИК *ноок.* кытмырлык, шылуундук; *нәкәстик кылса йәм чөкүртөккө урунуп алды.*

НӘМӘК: көр нәмәк *батк.* наадан; *жакшылыкты билвесең, көр нәмәк дейт.*

НӘМӘРӘМ *жерг.* сук; *нәмәрам нәзәр салва деп, шәйтәндин сөзүн алва деп.*

НӘПӘКӘ I *батк.* узакка, алыска, көпкө; *ол нәпәкәгәкеткен.*

НӘПӘКӘ II *батк.* кам кылып, даярдап койгондук; *алыс кетсең, бала – чакага нәпәкә кылып әнән кет.*

НӘПӘС: нәпәси сувук *зам.* деми, ой – пикири жаман деген мааниде айтылчу туюнтма.

НӘПИРИЧ *лейл.* бети килем, ичи таар баштык; *чәйдөштү йәм, нәпиричти йәм алып койуң.*

НӘС I: кара нәс *пам.* шомдуу, зыяндуу, тартипсиз; *кара нәсти ээрчисең, каласың кара бәләәгә.*

НӘС II *ал.* бозгуч; *нәс ыраң тартып не болдуң?*

НӘСВӘЙКӘШ *пам.* наспайчыл; *куру дардаң кумарваз, нәсийә дардаң нәсвәйкәш.*

НӘСИВӘ: нәсвәң арткыр *жерг.* бай болгур, ырысың арткыр; *нәсвәй арткыр, бала десең, кечээ ле кевейвисиң?*

НӘХӘТКИ *батк.* деги эле; *нәхәтки кевейсиң, уйат эмеспи бирөw – жарым укса.*

НӘШТӘН *пам.* өзөк жалгагандык; *нәштәни ачып кечке жүрө берет эдек.*

НЕҢӘӘН *пам.* кокус; *негәэн өлүм кыйын болот.*

НЕКИНИГЕ *батк.* дегинкисин; *некиниге ол кәттә пәйгелер илгерээк өтүп кеткен.*

НЕПААЛ: непаалдан кийин *ал.* бир топтон кийин; *непаалдан кийин караган аралаш улуw чөптүн арасыдан көрүндү.*

НЕСКАРА *акт., эск.* бозонун карамтыл тартып кыйгыл болуп калгандагысы; *нескарадан жутуп алып, сары жеве деген жомогуңусту айта отуруңус.*

НЕСТЕЛИ *ал.* жылкынын эч нерсе оттобой калган оорусу; *нестел болгон жылкынын көңүлү ичтемеге чаппай жүрүп өлөт.*

НОWO: howo мискәнә *батк.* жыгач буюмдарды оюп, гүл түшүрүүчү аспап; *howo мискәнәң барвы?*

НОWЧА *алб.* коктуча; *чөлдөн нары howча бар.*

НОВГӘРДӘН *батк.* жоон моюн; *о жеткен новгәрдән шекилди.*

НОВСАПАР *ал.* жаш сапарчы; *тарт, новсапар бала экен, тарт, атса атар атпаса калар!*

НОВУР *зам.* кичинекей жылга; *койлор новурда оттоп жүрөт.*

НОЖЕК *батк.* тай торпок же кунан өгүз; *кошко илгери ножек кошот эделер.*

НОЙОГУЛ *пам.* өзүнчө эле кобурап сүйлөй берген адам; *бай – бай – ай нойогул.*

НОКОТЕК *батк.* көзгө басар; *ордуга өзүмдүн нокотегим новватка кирди;* **какыр нокотек** нокотек өсүмдүгүнүн кайрак, кумдак, каксоо жерге чыккан түрү; **шивер нокотек** нымдуу, кара топуроктуу жерге чыккан түрү.

НОКТОВАШЫ *ал.* килемге да, таарга да түшүрүлүчү көчөттүн бир түрү; *кырк шак, кылыч көчөт, баргек, терс кайык, кайкалак, тай туйак, ноктовашы гилемге көчүрүлөт* (бул көчөт крест сымал кеткен сызыктын баштары төгөрөк тартып, ичи кештеленип түшүрүлөт).

НОМТЕМИР *ал.* сары гүл алып өскөн өсүмдүктүн аты; *номтемир адам баспаган жарде өсөттөр..*

НООДА *атб.* камчынын эликтин бутунан жасалган сабы; *камчыны терип өргүзүп, ноода менен саптатып алгам.*

НОПУЛ *атб.* эки боз үйдүн ортосуна тартылган аргамжы; *нопулду тартып, чылапчынды алып кой.*

НУWУРГУЧ *зам.* үбөлүк; *нuwургуч жәмән болсо, камыр тегиз жәйилвәйт.*

НУКСАН *пам.* 1. максатка жеткирбей жолдон чыгаргандык; *о кезде ата–энелер балдарыга нуксан кылат эделер;* 2. *жерг.* каза; *бечәрә Батма нуксан болгонуну карачы.*

НУКУ *батк.* жекирүү; *көп нукувачы.*

НУКЧУ *атб.* кандайдыр бир из, нук салган же эскирген из, нукту издеген адам; *кементай кийген нукчу экен дейт.*

НЫКСАРЫ *пам.* чымкый сары; *ныксары кылып бойодук.*

НЫЛ: нылыңды бузуп келбе *пам.* түрүндү бузба, ачууңду келтирбе деген мааниде айтылчу туюнтма.

НЫЛКЫЙ *тал.* чылк; *желкеден баскан нылкый түн.*

НЫМ: ным тойут *пам.* өп – чап, чала тойгондук; чаваты аз экен, бача, ным тойут болуп калдык, дагы бир бәлөән барвы?

НЫМЧАЛ *ал.* нымдуу; *долононун путагы толгонмо казык болову, толгон беттен өптүрсө тогуз ай азык болову деди гочу о нымчал жерде турганда.*

НЫМШЫК *батк.* мажүрөө; *нымшык иш кылат экен.*

НЫМЫК *батк.* бирөөнү тууроо; туурап үйрөнүү; *онун сөзүдөн нымыгып каган.*

– О –

OW: токуму owуп калды *суз.* таарынып калган кишиге карата айтылчу туюнтма; *ол сәәл гәпкә токуму owуп калды.*

OWДАН *ал.* өтө, эң эле; *owдан эле олжо пулга баткан чыгар?*

OWЛУ: owлуп – cowлуп *ноок.* арып – чарчап; *owлуп – cowлуп мен да жеттим.*

OWНА *зам.* оонап калуу; *котур төwөм күлгө owнады* (таб. дүмбүл).

OWРУ: кулак owру болуw *пам.* сөзгө калуу; *бул ишти увагыда бүтүргүлө, бүтүрвөсөңөр бүтпөптүр деген кулак owру гәп болот.*

OWУЗ: owуз жowлар *пам., эск.* кудага алдын ала берилүүчү белек, союш; *owуз жowларга чыктада богонуну берген* (азыр бул көрүнүш эскрген); **чымчык owуз** *ал.* аттиштин кичине түрү; ◊ **owзуну алты гарыш кылуw** *пам.* маңыздануу, келжирөө (мунун: «маңкасыны эзүw; owзуга киргенди оттоп, мурдуга киргенди жыттоw; owзу менен отоow» деген синонимдери бар); **owзу менен орогон кайнатуw** *пам.* көбүрүп – жабырып сүйлөө, сөзү менен баарын бүтүрүү; *owзу менен орок кайнаткан менен өмүрү бир неме кылып көрө элек*; **owзу ошту караптыр** *ал.* таяк жептир, оозунан кан кетиптир деген маанидеги туюнтма; **owзу тийвеген кашык мүрүсү тийвеген эшик жок** *пам.* жел таман, айылчы деген маанидеги туюнтма; **owзуга талкан кәпәткән** *жерг.* күнөлүү, же күнөкөр болуп сүйлөй албай калгандык; **owзуга тәм тепти** *жерг.* күнөөкөр болгонсуп учурунда жооп айта албай калганда айтылуучу туюнтма; *сүйлөвөйвүсүң, owзуңа төw тептиви?;* **owзуда туруму жок** *жерг.* сүйлөөк, бабыр; *owзуда туруму жок эде, owзумду көп тырмава, тишимди кычыштырва деди; owзуң толо кан болсо йәм душманыңдын алдыда түкүрвө* сыр бербе деген маанидеги туюнтма; **owзуңдан чыгып, жакаңа жармашсын** *зам.* жаман айткан сөзүң өз башыңа тийсин дегнн мааниде айтылчу туюнтма; **owзуңдан шамал учурсун** *пам.* текке кетсин, куру кетсин деген мааниде айтылуучу туюнтма; *өлдү деп киргенде, owзуңдан шамал учурсун деп, чочуп тура калды*; **owзунду гөвүртпө** *базк.* куру – бекер мактанба; *үйүңдө чәксә унуң болвосо, owзуңду гөвүртпө;* **owзунду муздатпа** *пам.* жаман кеп, суук сөз, болбогон кабар айтпа; куру шылтоо таппа деген мааниде айтылчу туюнтма; **беш колуну owзуга салган** кур жалак, кур кол деген мааниде айтылчу туюнтма; **бол – бол деген менен owзуң таттуw бовойт** кур мактаган менен тон бычылбайт; куру мактоо не от эмес, не тон эмес; кур жүгүнүп курсак тойбойт; кургак мактоо куру сөз деген маанилерде айтылуучу туюнтма; **гөйкаптын owзу ачылды** *пам.* 1. катуу шамал башталганда айтылчу туюнтма; *гөйкаптын owзу ачылды, энди бул жерде тура алвайвыз;* 2. ажаан күчөп сүйлөй баштаганда айтылат; *гөйгаптын owзу ачылды, кой, эшикке чык, кетели: жер ээн деп owзуңду жәмән үйрөтпө, ишим жок деп колуңду жәмән үйрөтпө* байкап сүйлөө, жалкоо болбоо жөнүндөгү туюнтма; *жутканым өзүмдүкү, owзумдагы аманат* кандайдыр бир ишке ишене бербегенде айтылчу туюнтма; **колу – башынды жуwуп жүр – не жешинди билесиң owзу –**

башың жапып жүр – не дешинди билесиң *жерг.* сабырдуулук, токтоолук, чыдамкайлыкка карата айтылчу туюнтма; **колудан ишини алсаң, owзудан ашыны аласың** *жерг.* жардам берсең, сый көрөсүң деген мааниде айтылчу туюнтма; *муруттары шаптай, owзу эски каптай* (таб. жолборс); **өзүңду бил – өзгөнү кой, әдиңди бил owзуңду тый** *жерг.* ушакчылыкка, куйтулукка, уятсыздыкка карата айтылчу туюнтма; **сасыган owуздан чириген сөз чыгар** *жерг.* балит кишиден балит сөз чыгып кетиши мүмкүн деген мааниде айтылчу туюнтма; **үйүдө чакса уну жок, owзуну гөвүртөт** *суз.* кур бекер мактана берген кишиге карата айтылчу туюнтма; **шамалга owзуну тозуп** *пам.* чычаланы илгери кылып койбогон жалкоолукту көрсөтүү; **эне сүтү owзудан кетпеген** *жерг.* али кагылып – согула элек деген мааниде айтылчу туюнтма.

OWУРЛУК: сынган колдун owурлугу мойунга түшөт *зам.* өз азабынды өзүң тартасың деген мааниде айтылчу туюнтма.

ОБВОЗУ *жерг.* сууда ойноп киринген дик, жуунгандык; *эй, балдар, жүргүлө обвозу кылавыз.*

ОВАЙЛАН *жерг., лейл.* ыктыярлануу; *чөкү таш аганга овайланып турат.*

ОВАЙЛУW *жерг., лейл.* ыктыярдуу; *овайлуw болсо чөкүчүнү алайын.*

ОВО: ово–дово *ал.* коңус түрүндөгү үйүлгөн нерсе; *ово–дово кир жуудум.*

ОВОЛ *нар.* эп, жөн, ырк; *кой–ай деп жатып араң оволувуска көндүрбөдүкпү?*

ОВОЛГОЛОО *акт.* түкшүмөлдөө; болголоо; *ачекей каштуу ээлеринен, бөктөрүнчөктөрүнөн оволголонду.*

ОВСАР *ал.* ноктонун тамак, алкым алдына коюлган темири; *овсар салсам, боло веке?*

ОВУРОЙ *чүй.* абийир; *сага салават, овурой түсөм.*

ОВУТ *чүй.* оп; *овуту жок сүйлөгөн киши экен.*

ОГОЛУК *акт.* майда – чүйдө иш; *кирди–чыкты оголукка гана эмес, божурап сөзгө да мыкты.*

ОГОЧО *пам.* аңгыча; *огочо келет, көрүшүп эле билектен илип кэтет.*

ОДОО *ал.* көбөйүп арбыгандык; *ыштыравың одоо болгондо келдиң.*

ОЗОГОЧ *ал.* озоноок; *аттардын бири – Тайтору озогоч.*

ОЗООК *ал.* озоноок; *бул жарышка озоок аттар келет.*

ОЗЧУЛ *ал.* озуп чыкма; *ич кам капарыга аваган ат озчул экен көрсө.*

ОЙГОК *ноок.* оймо; *келки–келки ойгок салыптыр.*

ОЙГУ *лейл.* ойгучул, ойгуч; *ой ойгум, айылга әйтсә ашарыны, коровго әйтсә кошоруну бил.*

ОЙДУК *батк.* тагдыр; *кам май жегендей ойдугуну ойлоп жатат.*

ОЙЕТТИКИ *батк.* ал жердики; *ойеттики кыйын, кийингиси ого каравайт.*

ОЙМОК: сары оймок *пам.* сары гүл ача турган өсүмдүктүн аты; *сары оймок Кара–Көлдө өсөт бекен?*

ОЙНООКЕЙ *ыск.* ойноок; *салаа–сайга ойноокей көрк берет.*

ОЙОГОЧ *батк.* ое берме; *келин тостуга ойогоч барвас беке?*

ОЙООК *ал.* ойоонок; *ойоок ой, кәллән, иштеп атавы, ыйа?*

ОЙРОТ I *тал.* өкүнгөндө айтылуучу сырдык сөз; *ким уw жутпайт, кап! Тавылаар беле ошол ойрот.*

ОЙРОТ II: ойрот–кыйрат *тал.* таш – талканын чыгаруу; *ойротуп–кыйратып бүтүрдүк дейт ишти.*

ОЙСО *ыск.* бүлдүрүү; *тебелеп–*

тепсеп кыйрысын урба, ойсобо, ойрондобо.

ОЙСОК *батк.* сойку; *ойсок боптур, гәвигә ишенип бовос.*

ОЙУWЛУ *зам.* ойчул, акылман; *ойуwлунун баласы он бешиде баш болот,чыйуwлунун баласы жигирмә беше жәш болот.*

ОЙУМСАК *жерг., ош.* салууга ниеттенгендик; *кийизге ылвырай ойумсак болдулар.*

ОКОН: окон-чакан *чүй.* жышыгандык; *аттын терин окон-чокон кырган болуп жүгөн шыпырды.*

ОКТО *жерг.* суу буруу, баштап сугаруу; *сuwду октоп койчу, байке!*

ОКУ *зам.* урушуп сүйлөгөн, кыйкырчаак, урушчаак; *оку адамды жәш балдар жәмән көрөт.*

ОКШОМДУУ *чүй.* оозго алаарлык (мактоого) татымдуу; *окшомдуу көрүнүш ошондой болот.*

ОЛВУҢ *пам.* эгин, чөптөрдүн коюу болуп уюлгуганы; *олвуң жерди чаап жататтар* («олвоң» болуп да айтылат).

ОЛДУК: олдук-солдук *суус.* оодук – соодук; *олдук-солдук кылып алып жылып баратат.*

ОЛО *өзг.* эң, эң эле; *оло көп экен да.*

ОЛОЙМОН *лейл.* от ичинде болуудан коркпогон; *отто олоймон сөн бедең?*

ОЛОКОЛУК *акт.* түшүнбөстүк; *эми кандайдыр бир олоколук, сыйлабастык кетиргенине өкүндү.*

ОМПО *ал.* малдын кыкты чоң кылып таштагандагысы; *жолдо омпо-омпо эле болуп жатат, мал ойавай тойгон өңдөнөт.*

ОМПОЙ *пам.* абдан эңкейүү; *эмнеге омпойуп атат ол?*

ОМУР: аласачы бересечинин омурун тилептир *пам., мак.*; **көйнөктүн омуру чирик, сендейдин омуру тирик** *жерг.* кара ниеттик, жакшылыгы жоктукка карата айтылчу туюнтма.

ОМУРУ *зам.* эч, түк, такыр; *тоwго барайын десем, апам омуру боводу.*

ОНДОЙЧАКА *зам.* андай эле; *ондойчака китеп менде жок.*

ОНЖОЙМАТ *ыск.* онжоюп көрүнгөн; *онжойматым мени жыргатат, багат.*

ОНТӘ: балаң онтә болсо орду башка, кыркта болсо кылыгы башка ар баланын жайы, мүнөзү ар бөлөк деген маанидеги туюнтма.

ОНЧОДО *ал.* антип – минткиче, тез эле; *ону кыныга салып эшикке чыкты, ончодо таң атты.*

ОНУҢЧА *анж.* аларча; *онуңча кайырмак дегени кайкалак кеште болову?*

ОҢГО *суз.* ошол жерге; *найды оңго койуп кой.*

ОҢГУЛА *ыск.* журт жаңылоо; *Көчөрбай журтту оңгулап көчүп кете берчү.*

ОҢДУЛУW *жерг.* оңдуу; *оңдулуw сөздөн гәп ур.*

ООДАК *чүй.* жогору, бийик, күчтүү; *обдулуп оодак тарткан үнү кайда?*

ООЖО *тал.* чөмүч, сузгу; *бир оожо мустак сuwду жутуп живерди.*

ООК *ташк.* айныма; *мындагылар аны эси оок деп билишчү.*

ООКТО *чүй.* оордук кылуу, салмагы күч болуп оодаруу; *көтөрүмдүүлүктүн ташы ооктоп лам деп оос ачпады.*

ООЛАН *суз.* жайылган камырга каймак же сары май сүртүп, арасына пияз, майда тууралган эт, картошка кошуп, анан ороп буюга бышырган тамак; *мунаса кылсаңар, бәәриңә оолан жетет.*

ООМАЙ *базк.* кезек; *осмо кетет, каш калат; оомай кетет баш калат.*

ООМАЙЛА *чүй.* теңинен аша оодарып таштоо; *бедени чаап отуруп оомайлап калыптыр.*

ООПАР *жерг.* оома, айныма; *ол этө оопар эде.*

ООСАРЫ *пам.* акылсыз; *оосары келин оомалы өзүң кылдый говганы.*

ООШ *батк.* сырдык сөз; *оош, шондо баккандан кийин эртеси аш пышкан вахта.*

ОПОГОЙ *атб.* жумшак, олпок; *опогой карга сайылып көңүлү оволойт.*

ОПУТ *пам.* бекерчи; *онуң опут, онон бойо.*

ОР *зам.* кызыл, сары, кара ж.б, түс аралашкан өң; *кой ичиде сур жәмән, жылкы ичиде ор жәмән.*

ОРМОЙ *батк.* сымбатка келүү, келбеттүү болуу; *кызы өсүп ормойуп калыптыр.*

ОРНОКТУW *тал.* жүйөлүү; *owзунан чыккан сөзү так, орноктуw чыгар эле.*

ОРОГОНЧ *алб.* ороонок; *орогонч түгөнгүр, кагажытпаса ле болду.*

ОРОЗ *түп., сейр.* бакыт, таалай, ырыс, кешик; *орозу бар онтовойт;* ◊ **болсоң орозумсуң, болвосоң корозумсуң** билсең менин бактымсың, билбесең бир жансың деген маанидеги туюнтма; *орозу бардын баласы он бешиде башмын дээр, орозу жоктун баласы отузунда жашмын дээр* жаш жигиттердин жүрүш – турушуна, адебине карай айтыла турган туюнтма.

